

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ ССР БАСМА, ПОЛИГРАФИЯ ЖАНА КИТЕП СООДА
ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

ФРУНЗЕ 1983

03.
К 97

92 и 2
К 97

БАШКЫ РЕДАКТОР
Б. Ө. ОРУЗБАЕВА


БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

Т. АБДЫЛДАЕВ
Г. АЙТИЕВ
Ч. Т. АЙТМАТОВ
А. АЛДАШЕВ
Т. М. АЛМАЕВ
А. АЛТЫМЫШБАЕВ
А. А. АЛТЫМЫШЕВ
К. АЛЫМКУЛОВ
Т. АСКАРОВ
С. БЕГАЛИЕВ
З. БЕЙШЕЕВ —
Жооптуу секретарь,
Башкы редакторго орун басар
Ж. ЖЭЭНБАЕВ
С. ИЛЬЯСОВ
М. ИМАНАЛИЕВ
К. КАРАКЕЕВ
А. КАРЫПКУЛОВ
Б. КЕРИМЖАНОВА
А. КУТТУБАЕВ
А. МАМЫТОВ
М. М. МИРРАХИМОВ
К. МОЛДОБАЕВ
К. К. ОРОЗАЛИЕВ
К. ОТОРБАЕВ
С. ӨМҮРЗАКОВ
К. РЫСАЛИЕВ —
Башкы редакторго орун басар
М. РЫСКУЛБЕКОВ
Т. САРБАНОВ
К. СУЛАЙМАНКУЛОВ
А. ТОКТОНАЛИЕВ
А. ТУРСУНОВ
Ж. ТУРСУНОВ

559489

Центральная научная библиотека

© Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1983.



В. И. Лениндин портрети. Чий.



В. И. Лениндин эстелиги. Скульптор Г. Нерода, арх. В. Верюжский. 1948.

БАШКЫ РЕДАКЦИЯДАН

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу чыккан улуттук-универсал энциклопедиянын соңунан окурмандарга «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы» энциклопедиялык бир томдугун сунуш кылат. Том Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому боюнча чыгарылып, адегенде орус тилинде жарык көргөн.

Бул — тематикалык бөлүмдөр боюнча системалуу жайгаштырылган маалымый материалдары Кыргызстандын жаратылыш шарттары менен байлыктары, калкы, коомдук түзүлүшү, экономикалык өнүгүшү, эл турмушунун материалдык жана маданий деңгээлинин кыйшаюусуз жогорулашы, элге билим берүү менен саламаттык сактоо, илим жана техника, адабият менен искусство жаатындагы жетишкендиктери тууралуу түшүнүк берүүчү алгачкы басылма. Китепте Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстандын басып өткөн жолунун негизги этаптарын маркстик-лениндик методологиянын негизинде чагылдырууга өзгөчө көңүл бөлүнүп, өлкөбүздө өнүккөн социалисттик коомду курууга КПССтин жетекчилиги астында республиканын эмгекчилеринин кошкон салымы көрсөтүлгөн.

Томдун баш жагында Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү, Кыргыз ССРинин коомдук-саясий уюмдашуусу, республикадагы социалисттик кайра түзүүлөр, анын экономикалык, маданий өнүгүшү тууралуу жалпы мүнөздөгү маалыматтар жайгаштырылган.

«Табият» бөлүмүндө республиканын аймагын изилдөө тарыхы кыскача айтылып, анын рельефине, геологиялык түзүлүшүнө, кен байлыктарына, климатына, сууларына, топурагына, өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүнө мүнөздөмө берилип, физика-географиялык райондоштурулушу жана табиятты коргоо маселелери баяндалган.

«Калкы» бөлүмүндө калктын саны, тили, социалдык структурасы ж. б. тууралуу маалыматтар келтирилет.

Китепте орчундуу орун ээлеген «Тарых» бөлүмүнөн окурман кызыктуу маалыматтарды таба алат. Бөлүмдө кыргыздардын байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейинки тарыхы, Кыргызстандын Россияга кошулушу, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши, Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу жана бекемделиши, Улуу Ата

Мекендик согуштагы жеңишке, биздин өлкөдө социализмдин курулушуна жана коммунизмди куруу ишине кыргыз элинин кошкон салымы жөнүндө баяндалат.

«Кыргызстандын Коммунисттик партиясы» бөлүмүндө Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын күжүрмөн отряддарынын бири болуп эсептелген республиканын Компартиясынын тарыхы, анын социалисттик коомду куруу жана коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү үчүн кыргыз элинин жүргүзгөн күрөшүнүн бардык этаптарындагы жетекчи ролу чагылдырылган.

Кыргызстандын эмгекчилеринин Совет бийлигинин жылдарындагы жетишкендиктери, республиканын экономикалык потенциалы, өнөр жайы менен айыл чарбасынын азыркы абалы жана өнүгүү перспективалары жөнүндө «Эл чарбасы» бөлүмүндө баяндалат.

Томдун тиешелүү бөлүмдөрүндө эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын жогорулашы, саламаттыкты сактоонун, элге билим берүүнүн өнүгүшү, илим, адабият жана искусстводогу ийгиликтер тууралуу сөз болот.

«Кыргыз ССРи эл аралык аренада» бөлүмүндө Кыргызстандын чет өлкөлөр менен коомдук-саясий, экономикалык, илимий жана маданий байланыштары тууралуу маалыматтар берилген.

Китеп республиканын турмушундагы эң маанилүү тарыхый окуялардын хронологиясы менен аяктайт.

Томдо 12 түстүү, 31 кара-ак түстөгү карта, баттамаларда 464 жана тексте 500 иллюстрация берилген.

Бул китеп — Кыргызстандын көрүнүктүү илимпоздорунун, адабиятчыларынын, партиялык, мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын кызматкерлеринин, эл чарбасынын түрдүү тармактарындагы адистердин, маданият жана искусство ишмерлеринин коллективдүү эмгеги. Томдун материалдарынын илимий мекемелерде, мамлекеттик жана коомдук уюмдарда кеңири талкууланып, адистер тарабынан рецензияланышы китептин сапатынын жакшырышына жардам берди. Статистикалык маалыматтар Кыргыз ССР Борбордук статистика башкармасынын кызматкерлери тарабынан такталды.

Томдун материалдарын даярдоого 206 автор катышты.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы Кыргыз ССР илимдер академиясына, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине караштуу Партиянын тарыхы институтуна, «Советская энциклопедия» басмасына, ушул томду даярдоого катышкан бардык авторлорго, консультанттарга жана рецензенттерге томдун материалдарын даярдоодо көрсөткөн жардамы үчүн терең ыраазылыгын билдирет.

Сын пикирлериңиздерди жана каалоолоруңуздарды төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү өтүнөбүз: 720000, Фрунзе ш., Ленин проспектиси, 197, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы.

КЫРГЫЗ ССРинин
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




КЫРГЫЗ ССРинин
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



КЫРГЫЗ ССРинин МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзүн жазгандар: К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, М. Токобаев, А. Токомбаев.

Музыкасын жазгандар: В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере.



Азаттыкты кыргыз эңсеп турганда,
Ала-Тоого Октябрдын таңы аткан.
Улуу орус достук менен кол берип,
Ленин бизге бак-таалайга жол ачкан.

Жаша, Кыргызстаным,
Ленин туусу колуңда.
Алгалай бер, гүлдөй бер,
Коммунизм жолунда!

Эмгек, эрдик, күрөштөрдө такшалтып,
Таалай берген улуу совет калкына.
Жеңиштерден жеңиштерге алпарат,
Элдин күчү — Лениндик партия.

Жаша, Кыргызстаным,
Ленин туусу колуңда.
Алгалай бер, гүлдөй бер,
Коммунизм жолунда!

Эл достугун болоттон бек ширетип,
Көп улуттан Союз курдук урагыс.
Жандай сүйүп даңктуу Ата Мекенди,
Түбөлүккө коммунизм курабыз.

Жаша, Кыргызстаным,
Ленин туусу колуңда.
Алгалай бер, гүлдөй бер,
Коммунизм жолунда!

СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН БООРДОШ РЕСПУБЛИКАЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ



В. И. Лениндин мавзолейинин жанында. 1979. Фрунзе ш-ның эмгекчилеринин 1-май демонстрациясы. 1980.

Социалисттик Кыргызстан — бүгүнкү күндүн кубаттуу индустриясына, коп тармактуу ири айыл чарба өндүрүшүно, ѣлдыцкы маданият менен илимине ээ болгон советтик республикалардын бири. Россиянын мурда артта калган башка элдеринде гидей эле кыргыз элинин турмушундагы бардыгын камтыган терең өзгөрүүлөр Улуу Октябрдан башталды. Дүйнөлүк тарыхтагы революциялардын эң эле интернационалдуусу Улуу Октябрь социалисттик революциясы, ал, В. И. Ленин алдын ала корогочтүк менен айткандай, бардык жана ар кандай эзилген ж-а нааразы болгондордун массалык күрөшүнүн ташкыны болгон.

Социалисттик революциянын лениндик концепциясы коомдук өнүгүүнүн учурдагы этабынын өзгочөлүктөрүн терең түшүнүүгө негизделет. Бул өзгочөлүктөрдүн эң маанилүүлөрүнүн бири өнүкпөгөн, артта калган жана эзилген улуттарды активдүүлүк менен, түздөн түз революциялык процесске тартуу болуп саналат. В. И. Ленин «Марксизмди карикатура кылгандык жөнүндө жана „империалисттик экономизм" жөнүндө» (1916) деген эмгегинде: «Социалдык революция алдыцкы катардагы өлкөлөрдөгү пролетариаттын буржуазияга каршы граждандык согушу менен өнүкпөгөн, артта калган жана эзилген улуттардагы бир далай демократиялык жана революциячыл кыймылдарды, анын ичинде улуттук боштондукка чыгаруучу кыймылдарды биріктирүүчү доор түрүндө гана болбосо, башка түрдө болө албайт»,— деп жазган (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 23-т., 60-б.). Улуу Октябрь социалисттик революциясы болор алдында дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн жана калктын көпчүлүгү али да өнүгүүнүн капиталисттик баскычында эмес, анын башталышында гана тургандыгын эске алсак, В. И. Лениндин бул башкы корутундусунун методологиялык жана практикалык революциячыл мааниси өзгөчө ачык-айкын болот.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы мурда артта калган элдерге капитализмди аттап, иш жүзүндө социализмге отүү үчүн шарт түзүп, мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Муну иш жүзүнө ашыруудагы, асыресе Түркстандагы топтолгон практикалык тажрыйбага таянып, В. И. Ленин Коминтерндин 2-конгрессинде: «...артта калган өлкөлөр алдыцкы катардагы өлкөлөрдүн пролетариатынын жардамы менен өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап өтүп, советтик түзүлүшкө жана өнүгүүнүн белгилүү стадиясы аркылуу коммунизмге өтө алат...»,— деп жалпыланган корутунду чыгарган (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 260-б.).

Бүт өлкөнүн элдеринде эле Орто Азия элдеринин тагдыры үчүн да бүткүл дүйнөлүк тарыхтын эң чечкиндүү бурулушунда алардын революциячыл-кайра куруучулук иштеринин улуу Лениндин даанышмандыгы менен багытталышынын жана шыктандырылышынын баа жеткис мааниси бар. Революциянын душмандарына каршы күрөштө, Совет бийлигин чыңдоо, жаңы турмушту куруунун ар кыл милдеттерин чечүү үчүн күрөштө Владимир Ильич Лениндин, РКП(б) Борбордук Комитетинин такай жардамы менен жетекчилиги Түркстандын жаш коммунисттеринин, мурдагы колониялык чет-жакандын партиялык уюмдарынын күч-кубатынын башкы булагы болду. В. И. Лениндин даанышмандыгы Совет бийлигинин эки жылдык тажрыйбасынан мурда эзилген элдердин саясий түзүлүшүндө, экономикасы менен маданиятында колониализмдин калдыктарын жок кылуунун айкын жолун көрсүтө мүмкүндүк берген. Ал: «Алдыцкы катардагы өлкөлөрдүн пролетариаты артта калган эмгекчилер массасына жардам бере ала тургандыгы жана жардам берүүгө тийиш экендиги жөнүндө жана Советтик республикалардын жеңиштүү пролетариаты ал массага колун берип, аларга жардам даша алган иезде, артта калган өлкөлөрдүн өнүгүшү өзүнүн азыркы стадиясынан чыга ала тургандыгы жөнүндө» көрсөткөн (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 259-б.). Ошону менен бирге, бул жардамды Ленин бир беткей караган эмес. Ал, биринчиден, пролетардык революциянын чыңдалышын жана андан ары улам улам өнүгүшүн камсыз кылуучу бүтүндөй революциячыл процесстин түрдүү жактарынын өз ара байланышта иш жүзүнө ашырылышы катары караган. Экинчиден, В. И. Лениндин пикири боюнча, артта калган элдерге берилген жардамды революциялык кайра жаралуулардын тагдырын чече турган өнүгүүнүн ички факторлоруна айландыруурга жөндөмдүү күч ошол элдердин өзүнөн табылганда гана чечүүчү мааниге ээ болот. Ошондуктан В. И. Ленин: «...пролетариаты жок дээрлик жерде да массаны өз алдынча саясий жактан ойлоого жана өз алдынча саясий ишке умтулууга козгоо...»

(Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 258-б.) үчүн арта калган элдердин эмгекчилеринин арасында системалуу түрдө пропаганда жүргүзүү, ошонун негизинде «...эмгекчилер массасы кандай деңгээлде тургандыгына карабастан, алардын өз демилгелүүлүгүн жана уюмдашууга карата болгон революциячыл активдүүлүгүн ойготуу» зарыл экендигин баса көрсөткөн (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 30-т., 163-б.). В. И. Ленинди көрсөтмөлөрүнө ылайык Коминтерндин 2-конгресси өзүнүн резолюциясында: «дыйкандарды жана жумушчуларды революцияга жана совет республикасын негиздөөгө баштап баруу үчүн алардын коммунисттик уюмдарын түзүү эң башкы жана зарыл милдет болуп саналат. Демек, артта калган өлкөлөрдөгү эл массасы капиталисттик өнүгүү аркылуу эмес, тактык аң-сезимди өнүктүрүү жолу аркылуу, алдыңкы өлкөлөрдүн аң-сезимдүү пролетариатынын жетекчилиги астында коммунизмге тартылат»,— деп белгилеген (Коммунистический интернационал в документах. 1919—1932, М., 1933, с. 131). Революциянын жол башчысы көрсөткөн стратегиялык багытты ишке жүзүнө ашырып жаткан эмгекчи массанын башында турган Коммунисттик партиянын, анын күжүрмөн отряддарынын практикалык ишмердиги мурда артта калган элдердин социализмге өтүү жолу жөнүндөгү марксизмдин теориялык жоболорунун андан ары байышына жана өнүгүшүнө көмөк берди.

Орто Азиянын башка республикаларындагыдай эле, Кыргызстандагы социалдык-экономикалык, саясий жана маданий кайра куруулардын практикасы мурда артта калган элдердин капиталисттик өнүгүү жолун аттап, социализмге өтүү мүмкүнчүлүгүн гана далилдебестен, бул тарыхый процесстин конкреттүү формалары менен методдорун да далилдеп отурат. Феодализм менен колониализмдин тушоосунан бошонгон кыргыз эли Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен, бардык советтик элдердин, баарыдан мурда орус элинин бир туугандык жардамына таянып, кыска мөөнөттүн ичинде экономикасын, илимин жана маданиятын өнүктүрүүдө болуп көрбөгөндөй бийиктикке жетти.

Мурда артта калган элдердин тарыхый тагдыры үчүн, Совет мамлекетин чыңдоо жана өнүктүрүү үчүн Коммунисттик партиянын улут маселеси боюнча Ленин иштеп чыккан программасын жүзөгө ашыруунун өтө зор мааниси бар эле. Ал программанын маңызы биздин өлкөнүн экономикалык, саясий жана маданий жактан гүлдөшү, улуттар менен элдердин бири бирине жакындашы үчүн бардык шарттарды түзүүдө болгон. Коммунисттик партия элдердин ортосундагы тең укуктуулуктун жаңы, мурда болуп көрбөгөндөй мамилелерин жаралап гана койбостон, СССР элдеринин достугун кадам сайын ширелтип жана чыңдап, улуттар арасындагы мамилелердеги өзүчүлүктөр менен эркин-эркин багытталып жүрбөөнү жеке максаттары үчүн пайдаланып келген өткөндүн саркындыларын, бири бирине ишенбөөчүлүктүн жана улуттук бөлүнүү-жарылуулардын элементтерин жок кылды. Орус жумушчу табы менен биздин өлкөнүн бир кыйла өнүккөн башка улуттарынын эмгекчилеринин интернационалдык улуу эрдиги алардын чет-жакадагы мурда эзилген, артта калган элдерге өз эркиндигин жана улуттук көз каранды эместигин, революциянын жеңип алгандарын коргоп калууда, социализмди курууда, экономикасы менен улут маданиятын өнүктүрүүдө берген бир туугандык жардамы болду.

Россияда Совет бийлигин орнотком күндөн тартып эле жумушчу табы партиянын жетекчилиги менен «...кромдун абдан эзилген жана азаи чекчен катмарларын жигердүү түрмүшка ойготуп, социалисттик чыгармачылыкка көтөрүүнү өзүнүн милдети деп эсептеп» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 26-т., 497-б.), социалисттик кайра куруларды ишке жүзүнө ашыра баштады. Мурда артта калган, эзилген элдерге партиянын өзгөчө көңүл буруп, алардын улутка айлануусуна кам көрүшү интернационализмдин айкын көрүнүшү болуп калды. Советтер Союзунун бир кыйла өнүккөн улуттарынын ар тараптуу жардамы менен кыргыз эли эң кыска мөөнөттүн ичинде патриархалдык-феодалдык артта калуучулуктан социализмге өтүп, социалисттик улут болуп, адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет элинин ажырагыс бөлүгүнө айланды. Социалисттик кыргыз улуту буржуазиячыл улутчулдук менен улуу державачыл шовинизмдин көрүнүштөрүнө, феодалдык-байчыл мамилелердин саркындыларына жана диний көз караштарга каршы күрөштө түзүлдү. Социалисттик кыргыз улутунун түзүлүшү өлкөнүн башка элдери менен идеялык-саясий жактан ого бетер тыгыныраак бириишүүгө, алар менен бир туугандык кызматташтыкты жана бузулбас достукту чыңдоого алып келди.

Кыргыз элинин орустар менен жана өлкөнүн башка элдери менен достугунун тарыхый тамырлары өткөн кылымдарда башталган. Кыргызстандын 19-кылымдын 60-жылдарында Россиянын составына ыктыярдуу кошулуу кыргыз элинин тарыхындагы зор прогрессивдүү, маанилүү, орчундуу окуя болгон. Мына ушул тарыхый окуянын натыйжасында Кыргызстандын экономикалык жана маданий прогресси тездеп, ал коңшулаш феодалдык мамлекеттер тарабынан кулга айлантылуу коркунучунан, бүлгүнчүл ич-ара согуштардан куткарылды. Россия мамлекетине киргенден тартып кыргыздар өлкө-бүздүн тарыхый тагдырына ортоктош болуп, орус жана башка элдер менен бирге лениндик партиянын жетекчилиги астында падышачылыкка, капиталисттер менен помещиктерге каршы күрөштө Улуу Октябрдын жеңиши менен аяктаган даңктуу жолду басып өттү.

Совет бийлигинин орношу менен элдердин күч-аракетинин бириктирилиши, алардын бир туугандык достугунун бекемделиши, чыңдалышы, ар тараптан кызматташуу жана өз ара жардамдашуу мурда артта калган элдердин өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап, социализмге өтүшүн ылдамдатты. Биздин партиянын бул багытынын салтанаттын бардык советтик республикалардын, анын ичинен Орто Азия республикаларынын ийгиликтери ачык-айкын жана ынандыра далилдеп олтурат. Орто Азия элдеринин бир муундун өмүрүндөй мезгилде орто кылымдык артта калуучулуктан азыркы прогресске, толук укуксуздуктан боштондукка, патриархалдык-феодалдык мамилелерден өнүккөн социализмге, жакырчылыктан турмуштун жогорку деңгээлине, карангычылык менен түркөйлүктөн элге билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын гүлдөшүнө чейинки улуу жолду басып өтүшү кадиксиз эле тарыхый факт болуп эсептелет. Ушундай түп тамырынан берки кайра куруулардын натыйжасында эски Россияга мүнөздүү эң артта калган улуттук чет-жака деп аталган түшүнүк жоюлду. «Жаңы, адилеттүү дүйнө үчүн биргелешкен күрөштө эмгек адамдарынын улуу бир туугандыгы, бирдиктүү үй-бүлөнүн сезими пайда болду» («Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгы жөнүндө». КПСС Борбордук Комитетинин 1982-жылдын 19-февралындагы токтому, Фр., 1982, 6-б.). Биздин өлкөбүз өзүнүн көздөгөн максаты — коммунизмге капчалык жакындаган сайын партиянын лениндик улут саясатынын улуу акылмандыгы ого бетер толук ырасталып, элдердин лениндик достугунун зор күчү улам даана жана терең ачылып жатат. КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин жана РСФСР Жогорку Советинин СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына арналган салтанаттуу кошмо заседаниесинде биздин өлкөбүздө өздөрүнүн кайсы улуттан экендигине карабастан, тантык таламдардын жана максаттардын жалпылыгы менен бириккен эмгекчи адамдардын улуу боордоштугу пайда болуп жана чыңдалгандыгы, тарыхта эч качан болуп көрбөгөн мамилелер түзүлүп, алардын биз элдердин лениндик достугу деп атоого укуктуулугубуз айтылган, о. эле бул достук — биздин баа жеткис кенчибиз, советтик ар бир адамдын жүрөгүнө сиңген достук социализмдин эң сонун жана эң кымбат жеңиштеринин бири экендиги да белгиленип кеткен.

Өнүккөн социалисттик коомдун шартында советтик республикалардын экономикалык өз ара байланышы улам тыгыз жана кеңири кулач жайып баратат; кадрларды, илим менен техниканын жетишкендиктерин, өндүрүштүк тажрыйбаларды алмашуу ургаалдуу жүрүп жатат. Өндүрүчү күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу жана республикалар аралык эмгекти бөлүштүрүү тереңдеп, өркүндөөдө; алардын натыйжалары менен артыкчылыктары бардык совет элинин мүдөөсү үчүн толук пайдаланылат. Чек аралары саясий-административдик бөлүнүшүтөрдө дал келбеген ири-ири аймактык-өндүрүштүк комплекстер түзүлүүдө. Ошону менен бирге ар бир республиканын экономикасын өнүктүрүүгө зор көңүл бурулуп, «жетилген социалисттик коомдо СССР элдеринин бир туугандык достугунун материалдык негизи — бирдиктүү эл чарба комплекси пйгиликтүү өнүгүп жатат» («Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгы жөнүндө». КПСС Борбордук Комитетинин 1982-жылдын 19-февралындагы токтому, Фр., 1982, 7-б.). Мында бардык улуттук республикалардын эл чарбасынын интернационалдашуусунун, алардын экономикалык турмушундагы жалпылыктын, советтик элдердин интернационалдык жана улуттук таламдарынын диалектикалык өз ара байланышынын бекемделишинин терең процесси жүрүп, коммунизм үчүн жалпы элдик күрөшкө ар бир республиканын кошкон салымы арбып баратат. Кыргыз ССРинин эмгекчилеринин коммунисттик курулушка кошкон салымын партия менен Совет өкмөтү жогору баалады: республика эки Ленин ордени, Эл Достугу ордени менен, ал эми Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгында Октябрь Революциясы ордени менен сыйланды. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указында айтылгандай, республика бул сыйлыкка: «Революциялык ыймылда, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишин үчүн жана дүйнөдөгү биринчи социалисттик көп улуттуу мамлекетти — Советтик Социалисттик Республикалар Союзун чыңдоо үчүн күрөштө Кыргыз ССРинин эмгекчилеринин зор эмгек сиңиргендиги үчүн, биздин Мекенибиздин душмандарына каршы согуштарда көрсөткөн баатырдыгы жана коммунисттик курулуштагы ийгиликтери үчүн...» татыктуу болгон.

Жумушчу табы жетекчи роль ойноп, жумушчу табынын, дыйкандардын ж-а интеллигенциянын бузулбас союзуна негизделген элдердин достугу — социалдык жана интернационалдык жаңы жалпылыктын — совет элинин пайда болушунун жана чыңдалышынын башкы өбөлгөлөрүнүн бири. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына арналган салтанаттуу чогулушта КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин мындай деп белгилеген: «Бүгүнкү күндөгүдөй майрамдарда ар бир совет адамы, биздин өлкөбүздүн ар бир эли Советтер Союзунун бир тууган элдеринин ынтымакташып баш кошкон үй-бүлөсүнө таандык болуу, өзүн анын толук укуктуу жана активдүү мүчөсү катары сезүү, жалпы жыргалчылык үчүн, ар бир адамдын жана бардык адамдардын таламы үчүн, коммунисттик идеалдардын салтанаты үчүн эмгектенүү жана чыгармачылык менен иштөө кандай чоң бакыт экендигин өзгөчө айкын сезет. Мындай күндөрдө биздин бардыгыбыз тең Советтер Союзунун элдерин баш коштуруп, аларды коммунизмдин курулушуна уюштуруп жана шыктандырып жаткан күчтүн улуулугун бөтөнчө терең баамдайбыз. Бул күч — совет элинин сыналган күжүрмөн авангарды, доорубуздун акылы, арнамысы жана сыймыгы—биздин Коммунисттик партия» (Элдердин достугунун лениндик туусу астында, Фр., 1975, 57-б.). Бир туугандык союздан республикалардын бири — Кыргыз ССРинин мисалы партиянын лениндик улут саясатын ишке ашыруунун зор натыйжаларын, советтик социалисттик улуттар менен элдердин бузулбас достугу экономикалык, социалдык-саясий жана рухий турмуштун бардык жактарында калыптанып, өнүгүп жана чыңдалып жаткандыгын айгинелеп турат.

Социалисттик Кыргызстандын бүткүл тарыхы В. И. Лениндин ысмы менен тыгыз байланышкан. Жаш советтик социалисттик мамлекет түзүлгөн жылдары кыргыз эли, мурда эзилген башка элдер сыяктуу эле, «Россиянын жана Чыгыштын бардык эмгекчи мусулмандарына» аттуу лениндик чакырыктын «Өзүнөрдүн улуттук турмушуңарды эркин жана тоскоолдуксуз кура бергиле. Силердин буга укугуңар бар. Россиянын бардык элдеринин укугу сыяктуу эле, силердин укугуңардын да революциянын жана анын органдарынын — Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын советтеринин бардык күчү менен корголо тургандыгын билип алгыла» (Ленин о дружбе с народами Востока, М., 1961, с. 262) деген сөздөрүн зор шыктануу менен кабыл алган. Орто Азия элдеринин советтик улуттук-мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы Лениндин ысымына байланыштуу. Ал 1918-ж. апрелде Түркстан АССРинин — РСФСРдин составына кирген Советтик Чыгыштагы биринчи автономиялуу республиканын түзүлүшүнөн башталган. Түркстан АССРи түзүү жана өнүктүрүү анын аймагында жашаган ар түрдүү элдердин эмгекчилеринин интернационалдык жакындашына, алардын Советтик Россиянын эмгекчилери менен боордош союзун чыңдоого шарт түзгөн. 1924-жылдан тартып Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик бөлүнүшүнүн башталышы алардын тагдырында баа жеткис маанилүү окуя болгон. Ушул тарыхый актынын натыйжасында Өзбек ССРи, Түркмөн АССРи, Өзбек ССРинин составында Тажик АССРи жана РСФСРдин составында Кыргыз автономиялуу области түзүлгөн.

Улуттук мамлекеттерди түзүү учурунда алардын чек аралары калктын чарбалык жана тиричилик шарты, улуттук составы эске алынуунун негизинде аныкталган. Бардык советтик улуттук мамлекеттер жергиликтүү улут калктын көпчүлүгүн же негизги бөлүгүн түзгөн райондордо пайда болгон. Мисалы, 1926-жылдагы эл каттоо боюнча Казак АССРинде калктын 56,1%ин казактар, Өзбек ССРинде — 65,9%ин өзбектер, Тажик АССРинде — 74,6%ин тажиктер, Кыргыз АССРинде — 66%ин кыргыздар түзгөн. Улуттук мамлекеттерге бөлүнүү бул аймактагы элдердин баш кошуп, биригишин тездетүүгө, алардын мурдагы саясий, экономикалык жана маданий жактан бытыранды-лыгы менен артта калгандыгын жоюуга, социалисттик кайра куруларды ийгиликтүү ишке ашыруурга шарт түзгөн. Орто Азия элдеринин улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүү Совет бийлигине карата аларда ого бетер жылуу жана жакындык сезимин пайда кылды. Өзбек, казак, кыргыз, тажик, түркмөн жана башка элдер өздөрүнүн көп кылымдардан берки тарыхында биринчи жолу өзүнчө суверендүү жана тең укуктуу советтик республикалар болуп түзүлүп, эмгекчилер коомдук-саясий турмушка, мамлекетти башкарууга, социалисттик өнөр жайды түзүүгө, айыл чарбасын социалисттик кайра курууну жана маданий революцияны жүзөгө ашырууга активдүү катышууга кеңири мүмкүнчүлүк алышты.

Партиянын лениндик улут саясатын ыраттуулук менен кыйшаюусуз ишке ашыруунун натыйжасында кыргыз эли советтик улуттук мамлекеттүүлүктүн бардык формаларын басып өттү. Аны биринчи этабы — советтик автономиялуу область, андан кийин автономиялуу республика болгон. Советтердин бүткүл россиялык 13-съезди Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз АССРи кылып кайра түзүү жөнүндөгү маселени карап чыгып, асыресе ушундай кайра түзүүгө себепкер бир катар кырдаалды белгилеген: бир жагынан, жергиликтүү бийлик органдарына көбүрөөк административдик укук берүү зарылдыгын түүдурган аймагынын чоңдугу, борбордон бир кыйла алыстыгы, экинчи жагынан, анын чек аралык абалы — Кыргызстандын алыскы чыгышта жайгашкан областтардын бири болгондугу,

эң акырында, РСФСРдин жалпы чарбачылыгында, айрыкча, дыйканчылыгында Кыргызстандын экономикалык мүмкүнчүлүгү жана алган орду. 1936-жылдан Кыргызстан суверендүү, тең укуктуу союздук республика болуп калды. Кыргызстан СССРдин составында болуу менен гана, башка союздаш республикалар сыяктуу эле, чыныгы өз алдынчалыгын, экономикасы менен маданиятын ар тараптан жана тез өнүктүрүүнү, эмгекчилердин жыргалчылыгын арттырууну камсыз кыла алмак жана камсыз кылды.

Өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик, өндүрүштүк жаңы мамилелердин орнотулушу өлкөнүн улуттары менен элдерин экономикалык жактан тең укуктуу абалга койду. Бирок Совет бийлигинин алгачкы жылдарында алардын көпчүлүгүнүн мындай абалды толук пайдалануу үчүн жетишерлик материалдык мүмкүнчүлүгү болбогон. Бул алардын социалдык-саясий, экономикалык жана маданий турмуштагы өтө эле артта калгандыгы менен түшүндүрүлгөн. Партия улут маселеси боюнча лениндик окууну жетекчиликке алып, Россиянын борбордук бөлүгү менен артта калган улуттук чет-жакаалдын ортосундагы экономикалык жана маданий өнүгүүнүн деңгээлиндеги өткөндөн мурас болуп калган айырма — өлкөнүн элдеринин ар тараптан кызматташуу процессин кечеңдетип жаткан фактыны эске алган. Дал ушул кырдаал Октябрь революциясынын жеңиши камсыз кылган саясий тең укуктуулукту иш жүзүндөгү экономикалык теңдик менен толуктоо зарылдыгын катуу талап кылган. 1920-ж. В. И. Ленин: «Советтик республикалардын экономикалык жактан тыгыз союзунун болушу зарыл, мунсуз империализм тарабынан кыйратылган өндүргүч күчтөрдү калыбына келтирүүгө жана эмгекчилердин жыргалчылыгын камсыз кылууга болбойт; бардык улуттардын пролетариаты жалпы план боюнча тартипке салынып туруучу бирдиктүү чарбаны түзүүгө умтулушу зарыл»,— деп жазган (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 150-б.). Коммунисттик партия Россиянын улуттары менен элдеринин экономикалык жана маданий өнүгүүлөрүнүн бир кылка эмес деңгээлин, өлкөдөгү улуттук шарттардын өтө көп түрдүүлүгүн толук эске алып, алардын иш жүзүндөгү теңсиздигин жоюу проблемаларын чечүүгө өтө конкреттүү мамиле жасаган. Муну РКП(б)нин 10-съезди «Партиянын улут маселесиндеги кезектеги милдеттери жөнүндөгү» резолюциясында: «Азыр, улуттук артыкчылыктар жок кылынып, улуттардын теңдиги турмушка ашырылып, ал эми майда улуттардын улуттук эркин өнүгүү укугу советтик түзүлүштүн маңызынын озунон эле камсыз кылынып жаткан кезде, ошол улуттук топтордун эмгекчи массалары жөнүндөгү партиянын милдети: өздөрүндө камсыз кылынган ушул эркин өнүгүү укугун толук пайдалануюда аларга жардам берүүдө турат»,— деп .озгөчө белгилеген (КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, т. 2, с. 255). Өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин эмгекчилери Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында социализмдин салтанаты үчүн күжүрмөндүк менен эмгектенишип, жаңы турмушту курууда бири бирине өз ара жардам көрсөтүштү. «Союздун артта калган элдеринин чарбалык жана маданий ийгиликке жетишүү ишинде орус пролетариаты аларга узакка чейин чыныгы жардам бериши» (КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, т. 2, с. 438) зарыл экендиги баса көрсөтүлгөн партиянын 12-съездинин чечимдери өзгөчө зор мааниге ээ болгон. Боордош элдердин, бардыгын мурда орус жумушчу табынын, В. И. Ленин төчен ирет белгилеген, ыктыярдуу мүнөздөгү жана экономикалык жактан негизделген жардамы жана өз ара жардамдашуусу көп улуттуу Совет мамлекетинин өнүгүшүнүн закон ченеми болуп калды. Партиянын жетекчилиги астында Совет өлкөсүндө иш жүзүнө ашырылган социалдык-экономикалык кайра куруулардын жыйынтыгы СССРде, анын ар бир союздук республикасында социалисттик өндүрүштүк мамилелердин орношу болду. Бардык улуттардын жана элдердин эмгекчилеринин баатырдык күч-аракети менен өлкөдө өнүккөн социалисттик коом курулду. «Турмуштун социалисттик образы жана идеологиялык иштин маселелери» — деген бүткүл союздук илимий-практикалык конференцияда бизде улуттар закон жүзүндө гана эмес, иш жүзүндө да чыныгы теңдикке ээ болгондугу, биздин бардык республикаларыбыз, мунун ичинде мурда экономикалык жана маданий жактан артта калгандары да, азыр өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетишкендиги айтылган.

Бирдиктүү союздук мамлекеттин ичиндеги социалисттик улуттардын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин теңдештирүү процесси өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн рационалдуу жайгаштыруу, коомдук өндүрүштүн чечүүчү участкаларында капитал салымдарын оптималдуу пайдалануу, мамлекеттин экономикалык өнүгүшүндө жалпы союздук жана улуттук таламдарды туура айкалыштыруу сыяктуу маанилүү маселелерди чечүүнү талап кылат. Бул процесс бир республиканы экинчисинин деңгээлине чейин которүү гана эмес, ошондой эле ар бир улуттун чыгармачыл күчү менен талантын толук ачуу, анын экономикасын жогорку илимий-техникалык деңгээлде өнүктүрүү дегендикке жатат. Улуттардын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин теңештирүү алардын экономикалык тыгыз кызматташтыгынын негизинде жалпы союздук милдеттерди да кошо чечүү болуп саналарын белгилеп кетүү керек. «Өзүнүн экономикасын жана маданиятын өнүктүрүп,— деп айтылган КПССтин 23-съездинин материалдарында,— ушуну менен ар бир республика жалпы союздук милдеттерди чечүүгө өзүнүн максималдуу салымын кошууга тийиш. Коммунисттер-ленинчилер социалисттик интернационализмдин маңызын, биздин өлкөбүздүн бардык элдеринин бузулбас достугун мындан ары бекемдөөнүн негизин дал ушундан көрүшөт» (23 съезд Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчёт, М., 1966, т. 2, с. 18). Социалдык жана улуттук өзүндөн бошогон кыргыз эли совет элдеринин бир туугап үй-бүлөсүндө, чындыгында, жакыдан кайра жаралды. 1926-жылдан тартып кыргыз калкынын саны 2,5 эседен ашык арбын, 1979-жылы 1 миллион 687 миң адамга жетти. Кыргыздардын саны тездик менен өсүп жаткандыгын белгилей кетүү керек. Мисалы, 1959—79-жылдарда республиканын бүткүл калкынын саны 70%ке өссө, кыргыздар 2 эседен ашык көбөйгөн. Республиканын калкынын улуттук составында бул жылдары кыргыздар 40,5%тен 47,9%ке чейин көбөйгөн. Кыргызстанда жаңы турмушту куруу, башка союздаш республикалардагыдай эле өлкөдө социализмди куруунун ажырагыс составдык бөлүгү болуп калды. Социализмге өтүү мезгилинде алдыга өтө зор мааниде ги милдеттер коюлган. Мурда артта калган крайдын эл чарбасында социалисттик кайра куруулорду ишке ашыруу, көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз айылын социализм жолуна салуу, советтик жаңы маданияттыт түзүү, кыргыз эмгекчи массаларына мамлекет башкаруусу үйрөтүү керек эле. Ушундай таалал милдеттердин бардыгын чечүү өтө оор иш болгон, бирок алар лениндик партиянын жетекчилиги астында бир туугап совет элдеринин, эң оболу орус элинин жардамы менен жүзөгө ийгиликтүү ашырылды.

Кыргыз эли жаңы турмуш куруу үчүн жүргүзгөн күрөшүндө Коммунисттик партия менен совет мамлекетинин аталык камкордугуна, бардык боордош совет элдеринин ак пейил жардамына таянат. Бул камкордук партиялык съездер менен конференциялардын, Советтердин съезддеринин чечимдеринде, партиянын Борбордук Комитети менен Совет өкмөтүнүн токтомдорунда ачык-айкын көрсөтүлгөн. Аларга удаалаш, дайыма конкреттүү иштер — Кыргызстанда социалисттик курулуштун абдан зарыл проблемаларын чечүүгө багытталган саясий, уюштуруучулук, экономикалык мүнөздөгү өтө орчундуу чаралар жүзөгө ашырылып турган. Өлкөбүздүн бардык элдеринин бауырдык күч-аракети менен Кыргызстан өнөр жайлуу индустриялык республикага айланды. Кыргызстандын өнөр жайынын жалпы өндүрүштөгү үлүшү 1913-жылы 0,3%ти түзсө, 1940-жылы 1,5%ке, 1965-жылы 3,5%ке, 1980-жылы 4,5%ке жетти. Кыргызстандын өнөр жайынын жалпы өндүрүшү 1940-жылга салыштырганда 1965-жылы 5,5 эсе, 1980-жылы 14 эсе өскөн. Кыргызстандын өнөр жайынын жалпы өндүрүшү 1913-жылга салыштырганда 1940-жылы 8 эсе, 1965-жылы 44 эсе, 1980-жылы 112 эсе өскөн. Кыргызстандын өнөр жайынын жалпы өндүрүшү 1913-жылга салыштырганда 1940-жылы 8 эсе, 1965-жылы 44 эсе, 1980-жылы 112 эсе өскөн. Кыргызстандын өнөр жайынын жалпы өндүрүшү 1913-жылга салыштырганда 1940-жылы 8 эсе, 1965-жылы 44 эсе, 1980-жылы 112 эсе өскөн.

го падышачылык менен капитализмден эң артта калгандык мурас болуп калгандыгы белгилүү. Алсак, 1924-ж. Кыргызстандын бүткүл «индустриясы» Кызыл-Кыя, Кок-Жаңгак жана Сүлүктүдөгү таш көмүр казып чыгаруучу өтө жөнөкөй ишканалардан, чакан эки электр станциясынан, бир нече тегирменден, эки булгаары заводунан, башка майда-чүйдө кол өнөрчүлүк ишканалардан турган. Бүткүл өнөр жайында ишке жарактуу калктын бир процентгей азыраагы гана иштеген. Өнөр жайы Кыргызстандын бүткүл эл чарбасынын дүң продуктусунун 10%ин берген. 1924-ж. Кыргызстанда 100 миң киловатт-саат электр энергиясы алынган, 100 миң тонна көмүр казылган, 1,3 миң кубометр тактай материалдары, 3,3 миң тонна уй жана кээ бир башка продукциялардан анча-мынча даярдалган. Мурда артта калган көпчүлүк райондор сыяктуу эле өзүнүн экономикалык жана маданий жактан улам кийинки өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн Кыргызстандын жетиштүү каражаты болгон эмес. Бул максат үчүн өлкөнүн кыйла өнүккөн райондорунда түзүлгөн улуттук кирешө кайра бөлүштүрүлүп, анын эсебинен түшкөн каражат жумшалган.

Кыргызстан Россия Федерациясынан адегенде анын автономиялуу областтарынын бири, кийин автономиялуу республика катары дайыма кеңири жана ар тараптуу жардам алып турган. Советтик Россия биринчи дүйнөлүк жана граждандык согуш жылдарында эл чарбасынын бүлүнүшүнөн келип чыккан экономикалык оор шарттарына карабастан, Кыргызстанга акча каражаттарын, өнөр жай жабдууларын, азык-түлүктү улам арбытып берип турган. Маселен, 1920-жылдын башында Түркстан крайына (анын ичинде Кыргызстанга да) борбордон 100 миң пуд чоюн, 35 миң пуд сорттуу темир, үйгө жабылгалык 50 миң пуд тунуке, 25 миң пуд жез, 5 миң пуд зым, 2 миң пуд түтүк, 5 миң пуд бурама товарлары, 15 миң пуд мык, нефть м-н жүрүүчү 200 кыймылдаткыч келген. 1920-ж. 6-майда «Известия» газетасы Тверден 2 530 миң кез кездеме, 36 миң чыгырык жиң, Туладан 18 вагон кумшекер, Москвадан 700 пуддан ашык ар түрдүү медикамент келгендигин жазган. Жардам Түркстан республикасына өлкөнүн бардык булуң-бурчтарынан, бардык тараптан келип турган. Бул жардамдын олчомүн Түркстан АССРинин Москвадагы өкүлдүгүнүн 1922—23-жылдардагы отчету көрсөтүп турат. Ушул мезгилдин ичинде республиканын өкүлдүгү Улут маселеси боюнча эл комиссариатынын жардамы менен РСФСРдин борбордук органдары аркылуу 1200дон ашуун маселени кароодон өткөргөн. Алардын көпчүлүгү Түркстандын экономикасын, биринчи иретте, айыл чарбасын өнүктүрүүгө байланыштуу маселелер болгон.

Граждандык согуш, өзгөчө басмачы бандаларынын зомбулугу, ачарчылык, жут Түркстандын айыл чарбасына зор залал келтиргендиги белгилүү. Эгерде 1917-ж. Түркстанда 18 819 миң мал болсо, 1923-ж. дээрлик үч эсе — 6 555 миңге чейин азайган. Айдоо аянты 1917-жылдагы 2 585 миң тешеден 1919-ж. 1 180 миң тешеге чейин азайган. Совет мамлекети көп каражатты биринчи кезекте пахтачылык менен мал чарбасын өнүктүрүүгө бөлгөн. Ирригация тармагын калыбына келтирүү үчүн гана Түркстан 9 миллион сом алтын акча алган. Бул жарым миллион тешеге жакын аянттагы ирригация курулуштарын тартипке келтирүүгө мүмкүндүк берген. Ал эми мисалы, мал сатып алууга РСФСРдин борбордук органдары 1 миллион сом күмүш акча бөлгөн. Борбордук Россия Түркстанга, анын ичинен Кыргызстанга да өнөр жайын калыбына келтирүү жана кайра куруу үчүн зор көмөк көрсөтүп турган. РСФСР Эл Комиссарлар Совети 1920-ж. эле акысыз жардам иретинде Түркстандын өнөр жайын өнүктүрүүгө 502 миллион сом берген.

РКП(б)нин 10-съезди өз чечимдеринде: «Коомдук жана чарбалык турмуштун бардык тармагында улуттук теңсиздиктин бүт калдыктарын ыраатгуу түрдө жоюу жана баарыдан мурда, фабрикаларды сырьё булактарына көчүрүү жолу менен чет-жакаларда өнөр жайын пландуу жайгаштыруу эң биринчи милдет болуп саналат...» деп белгилеген. Бул чечимдерге ылайык Россиянын борбордук райондорунан бүтүндөй фабрикалар демонтаждалып, чет-жакаларга көчүрүлгөн. Мисалы, Түркстанга 10 миң иймектүү текстиль фабрикасы, кагаз фабрикасы көчүрүлгөн. РСФСР кубаттуу электр станциясын куруу үчүн кредит берген. Түркстанга туз өнөр жайын өнүктүрүүну жакшылап жөнгө салуу үчүн бир катар жеңилдиктер берилген. Кыргызстандын өнөр жайын, айыл чарбасын жана маданиятын өнүктүрүүгө 1925—26-ж. союздук бюджеттен жана РСФСРдин бюджетинен 2 430 миң сом бөлүнгөн; бул Кыргыз автономиялуу областынын бюджетинин саритоосунун 37%ин түзгөн, 1926—27-ж. 4 628 миң, 1927—28-ж. 6 071 миң сом бөлүнгөн. 1927—32-ж. Кыргызстандын өнөр жай ишканаларын куруугa бөлүнгөн каражаттын 96—97% союздук бюджет менен РСФСРдин бюджетинин үлүшүнө туура келет. Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү мурда артта калган улут райондору үчүн жалпы союздукуна салыштырганда бир кыйла жогорку экономикалык өнүгүү темпин камсыз кылган. Мисалы, согушка чейинки беш жылдыктардын ичинде өнөр жайды өнүктүрүүгө жумшалган капиталдык салым орто эсеп менен СССР боюнча 24,1 эсе, ал эми Кыргыз ССРи боюнча 40,8 эсе, Түркмөн ССРи боюнча 39,3 эсе, Өзбек ССРи боюнча 33,3 эсе өскөн ж. д. у. с.

Бүткүл өлкөнү — Советтик Социалисттик Республикалар Союзуна кирген бардык улуттук мамлекеттердин индустриялаштыруу социализмди куруунун лениндик планынын башкы звеносу болгон. Кыргызстанда индустриялаштыруунун биринчи этабында адегенде тамак-аш, жеңил жана тоо-кен өнөр жайы сыяктуу тармактарды өнүктүрүү үчүн база түзүлүп, жумушчу табы калыптана баштаган. Экинчи этапта Кыргызстанды индустриялуу-агрардуу республикага айландыруу милдети турган. Бул үчүн крайдын табигый байлыктарын ар тараптан изилдөө керек эле; ал эми буга кыргыз элинин жеке өз күчү жетмек эмес, анын жетиштүү каражаттары да, адис кадрлары да жок болчу. Орто Азиянын башка райондорундагыдай эле, Кыргызстандын да табигый байлыктарын изилдөө иштерин уюштуруну союздук өкмөт өз колуна алган. СССРдин Эл чарба жогорку советинин Президиумунун көрсөтмөсү боюнча полиметалл, нефть, көмүр, курулуш материал кендерин геологиялык жактан дыкаттык менен изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

Кыргызстанда 1924—26-ж. академик А. Е. Ферсмандын жетекчилиги менен геологиялык экспедиция, андан соң келечектеги белгилүү окумуштуулар Д. И. Щербаков, С. С. Шульц, Л. С. Берг, Б. А. Федорович, Н. М. Прокопенко, Д. И. Яковлев ж. б. адистердин экспедициялары иштеген. Крайдын табигый байлыктарын изилдөөгө геологдор В. Э. Поярков, А. В. Москвин, Д. П. Резвой зор салым кошкон. Кыргызстанда геология илимин өнүктүрүүдө академик В. И. Смирнов көп эмгек сиңирип, республиканын түстүү металлургия ишканаларын өнүктүрүүгө түздөн түз активдүү катышкан. СССР илимдер академиясынын алдында союздаш жана автономиялуу республикалардын табигый байлыктарын изилдөө боюнча атайын комитет түзүлгөн. 1928-ж. СССР илимдер академиясы Кыргызстанга табигый байлыктарды изилдөө үчүн комплекстүү экспедиция жиберип, ал эми 1938-ж. ЭКС менен ВКП(б) БКнын көрсөтмөсү боюнча ал үшул эле максатта кайрадан комплекстүү экспедиция уюштурган. Кыргызстандын аймагынан өнөр жайлык маанисн бар сурьма, сыман кендери, коргошун, калай ж. б. кен байлыктар табылган. Азыр Кыргызстандын гана эмес, Орто Азия республикаларынын эл чарбасында да пайдаланылып жаткан отун ж-а гидроэнергетика ресурстары да изилденген.

ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун 1926-ж. мартта өткөн пленуму Орто Азия республикаларында өнөр

жайды өнүктүрүү эки негизги милдетти: 1) экономикалык — бир беткей агрардык өнүгүү учурунда эч мүмкүн болбогон өндүргүч күчтөрдү максималдуу өнүктүрүү; 2) саясий — партиялы жана Совет бийлигин чыңдоонун негизги шарты болуп эсептелген жумушчу табынын, болгондо да жергиликтүү калктын жумушчу табынын өсүшүн чече тургандыгын белгилеген. Мында Орто Азияны индустриялаштыруу — СССРди индустриялаштыруунун ажырагыс тутумдаш бөлүгү экендиги баса көрсөтүлгөн. Орто Азияда өнөр жайды өнүктүрүүнүн негизги багыты Орто Азиядан сыртка чыгарылуучу техникалык сырьёну иштеп чыгаруучу өндүрүш тармактарын, ошондой эле негизинен Орто Азия республикаларынын муктаждыгын канааттандыра турган өндүрүш тармактарын өнүктүрүүгө багытталган.

Кыргызстандын партиялык, советтик жана чарбалык уюмдары, эмгекчилери партиянын индустриялаштыруу пландарын ишке ашырууга кызуу киришти. 1935-ж. января СССР БАКы Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүнүн он жылдыгынын жыйынтыгын чыгарып, өз токтомунда республиканын кыйла ийгиликтерге жетишкендигин белгилеген. Өнөр жайынын тармагында бул ийгиликтер: дүң продукциянын 1924-жылдагы 2 млн сомдун ордуна жалпысынан алганда 12,6 млн сомго көбөйгөндүгү менен белгиленген. Жаш Кыргыз республикасынын муктаждыктарына Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн чыныгы аталык камкордук менен кеңүл буруусу — чынында эле күч жеткис перселерди ишке ашырды. Республика түзүлгөндөн кийинки 15—16 жылдын ичинде эле мурдагы сырьё иштеп чыгаруучу жарым кустардык мастерскойлор менен көмүр казуучу жөнөкөй штольнялардын ордун реконструкцияланган жана жаңыдан курулган азыркы өнөр жай ишканалары ээледи. Кыргызстан өз алдынча мындай ийгиликтерге жетише алмак эмес. Муну ал Союздун бардык боордош элдеринин жардамы менен гана ишке ашырган.

Партиянын 15-съездинин биринчи беш жылдык план боюнча Директиваларында: «Артта калган улуттук четжакалардын жана райондордун экономикасынын жана маданиятынын артта калышын бара-бара жоюу зарылдыгына таянып, беш жылдык план алардын экономикасы менен маданиятын жогорулатуу маселелерине өзгөчө көңүл бурууга тийиш; ушул райондордун муктаждыктарын жана керектөөлөрүн Союздун муктаждыктары жана керектөөлөрү менен айкалыштырууга негизделип, ушуга ылайык алардын экономикасын жана маданиятын кыйла тез темп менен өнүктүрүүнү кароого тийиш» деп баса белгиленген. Эгерде өлкөнүн эски өнөр жай райондорунда биринчи беш жылдыкта өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 2 эсе өссө, улуттук республикалар менен областтарда 3,5 эсе, ал эми Орто Азия республикаларында 5 эсе көбөйгөн. Партиянын 17-съезди экинчи беш жылдык пландын тапшырмаларын бекитүү менен, жаңы курулушка жумшалуучу бардык капиталдык салымдардын жарымына жакынын чыгыш райондорунун өнөр жайын өнүктүрүүгө сарпталоону белгилеген. Экинчи беш жылдыкта курулуучу 15 кебез кездеме комбинатынын 10 комбинатын Орто Азияда, Сибирде жана Закавказьеде куруу чечилген. Аларды пайдаланууга берүүдөн улам кебез кездеме чыгаруу орто эсеп менен СССР боюнча 2 эсеге өссө, Орто Азия боюнча 16 эсе көбөйгөн. Кыргызстандын өнөр жайын, баарыдан мурда, жалпы союздук мааниси бар көмүр, металл иштетүү, тоо-кен жана башка тармактарын өнүктүрүүгө каражат негизинен Союздун жана РСФСРдин бюджетинен бөлүнгөн. Жергиликтүү бюджеттен болсо жергиликтүү өнөр жай, коммуналык чарба, социалдык-маданий иш чаралар финансыланган. Мисалы, биринчи беш жылдыкта республиканын бардык бюджеттик каражаттарынын орто эсеп менен 96,3% союздук жана федерациялык бюджеттин үлүшүнө туура келсе, жергиликтүү бюджеттин үлүшү 3,7%тен ашкан эмес. Эгерде 1925—27-ж. Кыргызстандын бюджетинен өз эл чарбасын өнүктүрүүгө 390 миң сом, 1929—32-ж. 3,8 млн сом, 1933—37-ж. 12,1 млн сом жумшалса, согуш алдындагы (1938—40) жылдарда бул максатка бөлүнгөн каражат 28,3 млн сомго жеткен же калыбына келтирүү мезгилинин 3 жылына (1925—27) караганда 72,6 эсе өскөн. Ушуга жараша негизги фондулар да улам көбүрөөк пайдаланууга берилип турган. Алсак, мамлекеттик жана кооперациялык ишканалар менен уюмдар, колхоздор жана калк тарабынан 1940-ж. 35 млн сомдук, 1950-ж. 84 млн сомдук, 1960-ж. 265 млн сомдук, 1970-ж. 670 млн сомдук, ал эми 1979-ж. 859 млн сомдук негизги фондулар ишке киргизилген. 1979-ж. Кыргыз ССРи бир күндөн саал ашык убакыт ичинде бүтүндөй 1913-ж. чыгарылган өнөр жай продукциясын чыгарган. Кыргызстандын өнөр жай өндүрүшүнүн өсүш темпи жөнүндө келтирилген таблица ачык-айкын түшүнүк берет.

Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүш темпи

Жылдар	Процент менен	
	1913-жыл	1924-жыл
1913	100	—
1924	69	100
1936	5 эсе	7,3 эсе
1940	9,9 эсе	14,3 эсе
1950	21,2 эсе	30,8 эсе
1960	61,3 эсе	88,9 эсе
1970	188,5 эсе	273,7 эсе
1976	300 эсе	436 эсе
1979	344 эсе	499 эсе

Бүткүл совет элинин жардамы менен Кыргызстандын эмгекчилеринин күжүрмөн эмгегинин натыйжасында бардык боордош республикалардын экономикасы менен тыгыз байланышкан, өнүккөн эл чарба комплекси түзүлдү. Бул комплекстин негизин үлушүнө бүткүл дүң продукциянын 57%тен ашыгы туура келген азыркы кездеги көп тармактуу өнөр жай түзөт. Ал болжол менен республиканын улуттук кирешесинин жарымын берет. Кыргызстандын өнөр жайы 3 миңден ашык негизги наамдагы өндүрүш каражаттары менен калк керектөөчү буюмдарды чыгаруучу 100дөн ашык тармакты камтыйт. Машина жана прибор куруу ишканалары, нефть жана тоо-кен, жибек жана текстиль, трикотаж жана кийим тигүү, булгаары-бут кийим, эт-сүт, кант өнөр жайлары түзүлдү. Индустриянын, илимий-техникалык прогресстин көрсөткүчү болгон машина куруу жана прибор жасоо, электр энергетикасы жана электроника, курулуш индустриясы сыяктуу маанилүү тармактары айрыкча жогорку темп менен өнүгүүдө. Совет эли Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен өлкөнүн экономикасын азыркы кездеги ири индустриялык техникалык базасынын өзөгү болгон электрлештирүү жолуна койду. Кыргызстан гидроэнергетика ресурстарына эң бай район. Дарыяларынын зор энергетикалык кубаты алардын суусунун молдугунан эмес, 1800—3000 метр бийиктиктен агып түшүүсүнөн пайда болот. Республикабызда мындай дарыялар 15тен ашат. Ошентсе да революцияга чейин бул крайда Ош шаарында гана кубаты начар бир гидроэлектростанция, Пишпек менен Караколдо дагы 2 чакан станция болгон. 1938-ж. республикада атайын «Сельэлектро» уюму түзүлүп, ага айылдык электр станцияларды куруу жана колхоздор менен совхоздорду, МТС менен элдүү пункттарды электрлештирүү милдети тагыланган. Анын күчү менен ондогон чакан гидроэлектростанциялар курулган. Кыргызстанда 1959-жылдын башында тиби жана кубаты улугу ар түрдүү миңден ашык электр станция болсо да электр энергиясы жетишкен эмес.

Согуштан кийин ири электр станцияларын курууга багыт алынат. 1961-ж. декабрда Нарын дарыясында Уч-Коргон ГЭСи ишке берилет. Ушуну менен Нарын дарыясынын энергетикалык кенчин өздөштүрүү башталган. Андан соң Ош ТЭЦи ишке киргизилет. Фрунзе ТЭЦи курула баштайт. СССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык 1962-ж. Токтогул ГЭСинин курулушу кулач жаят. Борб. Тянь-Шанда 2 миң метрдей бийиктикте 1971-жылы январда Ат-Башы ГЭСинин

салтанаттуу ачылышы менен пинжепердик ойдун өтө эле сейрек учурай турган чечилиши даңазаланды. Бул ГЭСтин курулушунан кыргыз эли менен Советтер Союзунун бир тууган элдеринин ортосундагы достук жыл баянынын дагы бир жаркыраган барагы ачылды. Бул электр станцияны 30 улуттун өкүлдөрү курушту, аны салууга бүткүл өлкө жардамдашты: Москванын, Уралдын, Сибирдин, Грузиянын, Украинанын, Балтика боюнун заводдору жабдуу жана материал жиберип турду. Вилюйск, Волга, Братск, Рига, Красноярск, Чебоксары гидроэлектростанцияларын долбоорлоодо жана курууда бай тажрыйбага ээ болгон жумушчулар, инженерлер, адистер жана илимпоздор Ат-Башы ГЭСин курууга өтө активдүү катышты. Ушундан улам гидрокурулушчулардын жумушчу посёлкасы Достук деп аталды. Республиканын энергетикасы СССРдин отун-энергетика комплексинин ажырагыс бөлүгү катары өлкөнүн бирдиктүү эл чарба планынын негизинде өнүгүү менен күндөн күнгө күч алууда. Кийинки 15 жылдын ичинде эле республикада электр энергиясын чыгаруу 4,2 эсе көбөйдү; кубаттуулугу 1 млн 730 миң *квт* жаңы электр станция ишке киргизилди. 1965-жылдан берки мезгилдин ичинде өнөр жайын энергия менен камсыз кылуу 1,6 эсе, айыл чарбасында 7 эсеге жакын арбыды. Калк тиричилигинде электр энергиясын керектөө 2,4 эседен ашык өстү. 1978-жылдан баштап кубаттуулугу 1 200 миң *квт* Токтогул ГЭСинин бардык 4 агрегаты толук иштей баштады. Ошол эле жылы Кыргызстанда чыңалуусу 500 *квт* болгон алгачкы электр берүү линиясы Токтогул ГЭСинен Фрунзе шаарына чейин курулуп бүттү. Мынчалык жогорку чыңалуудагы электр линиясы ушунчалык бийиктикке дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу курулду. Жогорку вольттуу Токтогул — Фрунзе линиясы Орто Азияны бириккен энергетика системасын өлкөнүн Бирдиктүү энергетика системасы менен байланыштыруучу электр тармагындагы биринчи авено болуп калды. КПССтин 26-съезди ачылган күнү кубаттуулугу 800 миң *квт* Күрп-Сай ГЭСинин биринчи агрегаты ток берди. Анын электр энергиясы да боордош республикалардын эл чарбасын өнүктүрүүгө пайдаланылмакчы. 11-беш жылдыкта кубаттуулугу 600 миң *квт* Таш-Көмүр ГЭСинин курулушу башталды. Сыйымдуулугу 7 млрд $м^3$ге жакын суу сактагычтуу, кубаттуулугу 2 млн *квт* Камбар-Ата ГЭСинин курулушу каралып жатат.

Республиканын эл чарбасына жумшалуучу капиталдык салымдардын көлөмү жылдан жылга өсүп жатат. Он эле жылдын ичинде (1970—79) капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 8,5 млрд сомду түздү. Бул өткөн кырк жылдагыдан 23%ке көптүк кылат. Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүү үчүн транспорт тармактарын куруунун зор мааниси бар эле. Октябрь революциясына чейин ал таптакыр жолсуз өлкө болчу. Анын түндүк бөлүгү эң жакынкы темир жол станциясынан 300 *км* алыс болуп, аны менен араба жүрүүчү начар жол аркылуу байланышкан. Граждандык согуштун кыйын мезгилинде эле В. И. Ленин 1920-ж. 4-сентябрда РСФСР ЭКСинин «Темир жол курулушу жөнүндөгү» декретине ыл койгон болчу. Өлкөдөгү эбегейсиз зор кыйынчылыктарга карабастан, курулууга тийиштүү анча көп эмес объектилердин катарында узундугу 251 чакырым Олуя-Ата (азыркы Жамбыл) — Мерке — Пишпек темир жолу да аталган. Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү үчүн бул жолду курууга айрыкча зор маани берүү менен Эмгек жана коргоо совети 1921-ж. 13-майда В. И. Ленин кол койгон «1921-жылдагы Мамлекеттик курулуш программасы жөнүндөгү» токтомду кабыл алган. Анда: «...Олуя-Ата — Пишпек темир жолун курууну улантуу менен эле бирге Олуя-Ата — Пишпек темир жолу жөнүндөгү бардык маселени изилдеп чыгуу үчүн ошол жердин өзүндө өзгөчө комиссия уюштурып, эки айдан кийин Эмгек жана коргоо советине доклад жасоо Госпланга жүктөлсүн. Комиссиянын составына Главтекстилдин, Түркбюронун, Түркстан республикасынын Борбордук-экономикалык органынын жана Аскер ведомствосунун да өкүлдөрү киргизилсин» деп сунуш кылынган. Бул токтом кийинчерээк Түрксибди гана куруу эмес, чындыгында, Орто Азия жана Казакстандын, ошону менен бирге Кыргызстандын да өндүрүүчү күчтөрүн ар тараптан өркүндөтүүгө алып келген жумуштардын башталышы болгон. 1924-ж. Луговая — Пишпек темир жолу иштей баштаган. Бул жол Кыргызстандын айыл чарба продукциясын кеңири рынокко чыгарууга шарт түзүп, республиканы өнөр жай продукциясы менен жабдууну жеңилдетип, иш жүзүндө алыскы крайды бүткүл өлкө менен байланыштырган. Кыргызстандын жол чарбасында Фрунзе — Рыбачье — Нарын — Торугарт автомобиль жолу өзгөчө мааниге ээ болуп, республиканын алыскы чет-жакаларынын экономикасы менен маданиятын уламдан улам жогорулатуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берген. Согуш алдындагы жылдарда союздук өкмөттүн чечими боюнча курулган ири объекттердин ичинен Ош — Памир — Хорог автомобиль жолун, Фрунзеден Ысык-Көлдүн батыш жээгине чейинки темир жол линиясын атоого болот. Элде Кыргыздын улуу жолу деп аталган узундугу 600 километрден ашык Фрунзе — Ош автомобиль жолунун эл чарбалык мааниси зор. Ал республиканын түндүгүнөн түштүгүнө катташуучу жолду эки эсе кыскартып, Суусамырдын берекелүү жайыттарын, Нарын дарыясынын гидроэнергетика ресурстарын пайдаланууга мүмкүндүк ачты. Жол деңиз деңгээлинен 3000 метрден ашык бийиктикте москвалык метро куруучуларынын жардамы менен тешилген тоннель аркылуу өтөт. Союздук уюмдар ушул жана башка көп курулуштардын техникалык-долбоорлоо документтерин иштеп чыгууну, аларды материалдык-техникалык жактан жабдууну өздөрүнө алышкан.

Союздук өкмөт республикага көмүр өнөр жайын өнүктүрүүдө зор жардам көрсөткөн жана көрсөтүп жатат. СССР ЭКСи менен ВКП(б) БКнын 1937-ж. 19-июлдагы «Кыргыз ССРинин чарбалык жана маданий өнүгүшүн күчөтүү боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомунда белгиленгендей кыргыз көмүр бассейни «Орто Азия райондорун отун менен жабдуу ишинде чечүүчү мааниге» ээ болгон. Республиканын көмүр өнөр жайы согуштан кийинки жылдарда бир кыйла тез өнүктү. Кызыл-Кыяда, Сүлүктүдө, Таш-Көмүрдө ири ачык разрездер пайдаланууга берилип, Көк-Жаңгакта көмүр казуу көбөйдү. Мурдагы жылдардагыдай эле көмүр өнөр жайын өнүктүрүүгө белүнгөн каражаттын кыйла бөлүгү союздук бюджеттен түшүп турат. Кыргызстандын аймагынан жылыга казып алынган көмүр бүт Орто Азияда казылган бардык көмүрдүн 43 процентин түзөт. Көмүр өнөр жайын жана түстүү металлургиялы өнүктүрүү менен бирге, республиканын башка табигый байлыктарын изилдөө жана өздөштүрүү иши да жүрген. Мисалы, Майлы-Сайдагы биринчи скважина 1930-ж. нефть берген. Андан кийинки жылдарда Чаңгыр-Таш, Избаскен, Майлы-Суу нефть жана газ кендери ачылган.

Кыргызстанда түстүү металл өнөр жайын түзүү — лениндик улут саясатын ишке ашыруунун ачык-айкын үлгүсү. Совет бийлигинин жылдарында республиканын аймагында сурьманын, сымаптын ж. б. металлдардын кендери ачылып, алардын базасында М. В. Фрунзе атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кадамжай сурьма комбинаты, Хайдаркен сымап комбинаты, Кыргызстан тоо-металлургия комбинаты сыяктуу ири ишканалар түзүлүп, иштеп жатат. Кыргызстандын геологдору түстүү металлдардын мурда белгилүү кендеринин запастарын тагыраак аныктоого жана жаңы минерал сырьё кендерин ачууга жетишти: Сурьма менен сымап чыгаруу боюнча негизги райондордон болгон Кыргызстан жакынкы жылдарда калай ж. б. түстүү металлдарды да арбын чыгара баштайт. Оор өнөр жайын башка тармактарын өнүктүрүүдөгүдөй эле, республиканын табигый байлыктарын изилдөө жана өздөштүрүү да негизинен союздук бюджеттин эсебинен ишке ашы-

рылган. Бул республиканын өнөр жайына жумшалган капиталдык салымдардын динамикасынан айкын көрүнүп турат. 1929—30-ж. ага 1,3 млн сом, 1931-ж. 2,4 млн сом, 1932-ж. 2,2 млн сом, 1933-ж. 1,8 млн сом, 1934-ж. 2,8 млн сом жумшалган. Ушуга жараша өнөр жайдын негизги фондулары да көбөйгөн. Эгер 1928-ж. 1-октябрда Кыргызстандын бардык ири өнөр жайынын негизги фондуларынын наркы 6,4 млн сомду түзсө, ал 1934-ж. 1-январда 49,2 млн сомго жетип, 7,5 эседен көбүрөөк өскөн. Бул процесс андан кийинки жылдарда да улантылган, бүгүнкү күндө да улантылып жатат. Республиканын статистика башкармасынын маалыматтары боюнча Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстандын өнөр жайына жумшалган капиталдык салымдар 4,8 млрд сомдон ашып, анын ичинен 4-беш жылдыкта 77 млн сомду, 5-де 281 млн, 6-да 365 млн, 7-де 608 млн, 8-де 905 млн сомду, 9-да 1 млрддан ашык, 10-беш жылдыкта 1,3 млрд сомду түзгөн.

Советтик Кыргызстанда түзүлгөн кубаттуу экономикалык жана илимий-техникалык потенциал эл чарбасынын сапаттык жаңы милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк берет. Алардын бири — 1981—85-жылдарда ж-а 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында белгиленген Кыргызстандын Түндүк-Чыгышынын эң бай минералдуу-сырьёлук, жер, гидроэнергетикалык жана суу ресурстарын комплекстүү пайдалануу. Мында калай менен вольфрамдын сырьё базасы чалгындалып, ошондой эле молибден коргошун жана башка баалуу кен байлыктар табылган. Бул зонада суу ресурстары да бир кыйла көп.

КПССтин XXVI съезди белгилеген партиянын саясатын турмушка ашыруу үчүн күрөштөгү жетишкендиктер совет элдеринин биримдигин андан ары өнүктүрүүгө жана чыңдоого, интернационалдык бир туугандыгын, достугун жана кызматташуусун чыңдоого улам барган сайын зор таасирин тийгизип жатат жана тийгизе берет. Социализм жараткан жана жумушчулардын, колхозчулардын, интеллигенциянын таламдарынын жана максаттарынын, эркинин жана күч-аракетинин биримдигине негизделген бул интернационалдык боордоштук алардын чыгармачылыгынын чынында соолгус булагы болуп саналат.

Көп улуттуу Совет мамлекетинин экономикасы социализмдин экономикалык объективдүү закондорунун, өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин максатынын жалпылыгынын негизинде түзүлүп, өз ара байланышкан бирдиктүү эл чарба комплекси болуп саналат. Бул комплекс бардык союздук республикалардын эл чарбасын камтып, бүткүл өлкөнүн жана айрым алганда ар бир республиканын таламын көздөгөн бирдиктүү план боюнча өнүгөт. Мурдагы беш жылдыктардагыдай эле 10-беш жылдыкта да өнөр жайы динамикалуу түрдө өнүктү. Беш жылдыктын ичинде өнөр жай продукциясын чыгаруу көлөмү төмөнкүдөй: электроэнергетикада 2 эсе, машина куруу жана металл иштетүүдө 50%, түстүү металлургияда 1,7 эсе, жеңил өнөр жайында 15,9%, тамак-аш өнөр жайында 10,8% өстү.

Бардык союздук республикалардагыдай эле, Кыргызстандын эл чарбасы да бүткүл Союздун экономикасы менен тыгыз байланыштуу. Кыргызстан эл чарбасын өнүктүрүү үчүн керектүү продукциянын көп түрүн бир тууган союздук республикалардан алып турат. Мисалы, кара жана түстүү металл прокаты РСФСРден, Украинадан, Казакстандан, Өзбекстандан жана Грузиядан келет. Ар түрдүү технологиялык жабдуулар РСФСРден, Украинадан, Белоруссиядан, Арменийдан, Латвиядай, Литвадан ж. б. союздук республикалардан алынат.

Ал эми Кыргызстан болсо автоматтык жана жарым автоматтык линиялар, автосамосвалдар, металл кескич станоктор, темир устачылык-пресстөөчү машиналар, сейрек физикалык приборлор, чөп таңгактагычтар, өзгөрүлмө токтун электр кыймылдаткычтары, өлчөгүч аспаптар д. у. с. татаал өнөр жай буюмдарын жасап чыгаруу менен жалпы союздук өндүрүшкө белгилүү салымын кошуп жатат. Кант, кыл торко жана жибек кездеме, ич кийимдик жана тыш кийимдик трикотаж чыгаруунун көлөмү да союздук маанеге ээ. Кыргызстандын көмүрүнүн 70%тен ашыгы Өзбекстандын, Тажикстандын коцшу райондорунун жана Казакстандын түштүгүнүн өнөр жай муктаждыктарына жонотүлөт. Кыргызстанда алынган бардык нефть Өзбекстанда кайра иштетилет. Кыргызстан Орто Азия республикаларынын аспап жана технологиялык жабдууларга болгон керектөөлөрүнүн 80%ке жакынын камсыз кылат.

Кыргызстан өлкөнүн бардык экономикалык райондоруна продукцияларды жиберип турат. РСФСРге автосамосвалдар, чөп таңгактагычтар, металл кескич станоктор; Украинага насостор, аспаптар, приборлорду; Белоруссияга электр кыймылдаткычтарын, тик көзөгүч станоктор, автомашинанын запас бөлүктөрүн; Өзбекстанга темир устачылык-пресстөөчү жабдууларды, курулушка керектүү айнек, шифер; Казакстанга универсал-курчуткуч станокторду, коргошун концентраттарды, электр-изоляциялоочу материалдарды; Грузияга электр талын, түздөгүч агрегаттарды, зым; Литвага контролдогуч-өлчөгүч прибордорду, көзөгүчтөрдү, күч вентилдерин д. у. с. жөнөтөт. Чарбалык тажрыйбада бул же тигил экономикалык проблемаларды чечүүгө жалпы мамлекеттик, интернационалдык мамиле жасоо өтө маанилүү. Кыргызстанда курулган кубаттуулугу 180 миң *квт* Үч-Коргон ГЭСи Өзбекстандын Фергана энергетика системасына бириктирилген, Токтогул суу сактагычынын суусу м-н (суу сыймд. 19,5 млрд $м^3$) Фергана өрөөнүнүн пахта плантациялары сугарылат. Бир тууган республикалардын эмгекчилеринин биргелешкен күч-аракети менен Бухара — Урал газ жүргүзүнүн курулушу аяктап, арзан «көгүлтүр отун» Өзбекстандан индустрияльш Уралдын ишканаларына жана турак үйлөрүнө барып жатат. Ал эми Бухара — Ташкен — Чымкент — Фрунзе — Алматы газ жүргүзү аркылуу газ Кыргызстан менен Казакстанга да келүүдө. Фрунзедеги Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы прибор жасоочу завод өз буюмдарын бардык союздук республикаларга жиберип, ал эми сырьёну, материалдарды жана комплекттөөчү буюмдарды бул ишкана өлкөнүн 450 заводунан алып турат. Кыргызстандан уяң жүн Минск, Рига, Монино камвол-нооту комбинаттарына, Москва областынын Купавнадагы жука нооту чыгаруучу фабрикага жиберилет. «Советтик коомдун экономикалык жана социалдык прогресси,— деп белгиленген партиянын 25-съездинде,— бул Россия Федерациясынын, Украина менен Казакстандын, Белоруссия менен Молдавиянын, Орто Азия, Прибалтика, Закавказье республикаларынын прогресси. Бүткүл өлкөнү өз кучагына камтыган бирдиктүү чарбалык организм — бул элдердин достугунун жана кызматташтыгынын материалдык бекем негизи» (КПССтин XXV съездинин материалдары. Ф., 1976, 53-б.).

Совет бийлигинин жылдарында республикада көп улуттуу жумушчу табы — бирдиктүү советтик жумушчу табынын отряддарынын бири өсүп чыкты. Анын катарында 750 миңден ашуун киши бар, алардын ичинен кыргыздар үчтөн бирин түзөт. Жумушчулардын билим деңгээли жана квалификациясы такай жогорулап, алардын эмгеги энергия жана техника шайманы менен улам көбүрөөк жабдылып жатат. Мына ушулардын баары Кыргызстандын өнөр жай өндүрүшүнүн ургаалдуу өнүгүшүнөн айкын көрүнүп турат.

Экономикадагы социалисттик кайра куруулар — бул бардык улуттардын өнүгүшүнүн жалпы закон ченемдүүлүгү, алардын ортосунда жаңы типтеги мамилелерди орнотуунун объективдүү негизи. Бул милдетти иш жүзүнө ашырууда жалпы принциптер менен бирге көз «Россия сыяктуу көп улуттуу өлкөдө социалисттик кайра куруулардын формалары менен темптери,— деп айткан Ленин,— социализмди түзүүгө багытталган кыймыл



СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Колхозчулар жана колхозчу аялдар, МТСтердин жана совхоздордун кызматкерлери, айыл чарбасынын адистери, партиялык жана советтик кызматкерлер кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарба продуктуларын өндүрүүнү көбөйтүүдө жетишкен ийгиликтери үчүн жана 1956-жылы айыл чарба продуктуларын даярдоонун мамлекеттик планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн **Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Ленин** ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели К. ВОРОШИЛОВ

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары А. ГОРКИН

Москва, Кремль. 1957-жыл, 11-январь.

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Өнөр жайын, айыл чарбасын жана маданиятты өнүктүрүүдө кыргыз элинин жетишкен ийгиликтерин белгилеп жана Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгынын 100 жылдыгынын урматына **Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Ленин** ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Л. БРЕЖНЕВ

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары М. ГЕОРГАДЗЕ

Москва, Кремль. 1963-жыл, 30-октябрь.

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Кыргыз ССРинин эмгекчилеринин революциячыл кыймылда, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши жана дүйнөдөгү көп улуттуу социалисттик биринчи мамлекетти — Советтик Социалисттик Республикалар Союзун чыңдоо үчүн күрөштө сиңирген зор эмгеги үчүн, биздин Родинабыздын душмандарына каршы салгылашууларда көрсөткөн баатырдыгы жана коммунисттик курулуштагы ийгиликтери үчүн **Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Октябрь Революциясы** ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Н. ПОДГОРНЫЙ

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары М. ГЕОРГАДЗЕ

Москва, Кремль. 1974-жыл, 1-ноябрь.

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Кыргыз ССРинин эмгекчилеринин ССР Союзун өнүктүрүүдө жана бекемдөөдө, социалисттик улуттардын жана элдердин достугу менен бир тууганд ык кызматташтыгын чыңдоодо сиңирген зор эмгеги үчүн, Совет мамлекетинин экономикалык, социалдык-саясий жана маданий өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн жана Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун 50 жылдыгынын урматына **Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Эл достугу** ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Н. ПОДГОРНЫЙ

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары М. ГЕОРГАДЗЕ

Москва, Кремль. 1972-жыл, 29-декабрь.



Өкмөт аянтында эмгекчилердин Биринчи май майрамдык демонстрациясы.

башталa турган шарттарга карай кадиксиз ар түрдүү болот жана болууга тийиш. Жергиликтүү айырмалар да, экономикалык укладдын бөтөнчөлүктөрү да, турмуштук формалар да, калктын даярдык даражасы да, ошол же башка планды турмушка ашыруу аракеттери да,— ушунун баары мамлекеттин ошол же башка эмгек коммунасында социализмге карай баруучу жолдун өзгөчөлүгүндө көрүнүүгө тийиш» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 27-т., 219-б.).

Улуттук республикалардын айыл чарбаларында социалисттик кайра куруулардын ыңгайлуу ашыруу өлкөдөгү социалисттик курулуштун жалпы нугу менен жүрсө да бул өзгөчөлүктөр, айырмачылыктар өтө ачыкайкын көрүндү. Кээ бир улуттук республикалардын, асыресе Орто Азия менен Казакстандын дыйкандарын кооперациялоо темптери өлкөнүн борбордук райондоруна караганда бир кыйла жайыраак жүргөндүгү менен айырмаланган.

Бул аймактардын айыл чарбасынын артта калгандыгы феодалдык, ал түгүл патриархалдык-уруучулук мамилелерден түз эле социалисттик айыл чарба өндүрүшүнө өтүүдө өзгөчө формаларды колдонуу зарылдыгын туудурган. Бүткүл чарбалык укладды түп тамырынан кайра курууну, адамдардын социалдык-экономикалык турмушунда революциячыл төңкөрүш жасоону ыңгайлуу ашыруу керек эле. Орто Азиянын элдери, анын ичинен Кыргызстандын эли үчүн айыл чарбасын социалисттик кайра куруунун эң маанилүү өбөлгөсү жер жана жер-суу реформасын жүргүзүү болгон. Эксплуататордук мамилелердин бардык формаларына акыркы сокку айыл-кыштактарда жаңы, социалисттик мамилелерди орнотком коллективдештирүү аркылуу урулган. Орто Азиядагы агрардык кайра түзүүлөр ар кандай агрардык реформанын негизи болгон жерди кайра бөлүштүрүү менен эле чектелип калган эмес. Партиялык жана советтик органдар адегенде эмгек чарбаларын экономикалык жактан чыңдоо үчүн чыдамкайлык менен көп иштерди жүргүзүшкөн. Эмгекчилерге жерди эле бөлүп берүү жетишсиздик кылмак, аларды шайман, үрөн, унаа күчү менен да жабдуу, айыл чарба кредитин ачып берүү жана башкаларды иштөө керек болучу. Ушундай ар түрдүү жардамды Совет мамлекети дайыма берип турду.

Кыргызстандын айыл чарбасын социалисттик негизде кайра куруу татаал жана кыйын иш эле. Мында майда менчик эсепиин кылымдардан берки көнүмүш адаттарын жоюу, анын психологиясын өзгөртүү, жаңы турмуштун артыкчылыктарына аны ынандыруу сыяктуу милдеттерди чечүү менен катар, феодалдык мамилелерди, ал түгүл уруучулуктун саркындыларын жоюу, кылымдар бою өкүм сүрүп келген көчмөн мал чарбачылыкты түп тамырынан кайра өзгөртүү талап кылынган.

Кыргызстанда коллективдештирүүгө өтүү эмгекчи дыйкан массаларынын эксплуататордук элементтерге — бай-манаптарга каршы жүргүзгөн айгышкан тап күрөшүнүн шарттарында өткөн. Коллективдүү эмгек, партиялык, советтик жана комсомолдук уюмдардын талыкпай жүргүзгөн тарбия иштери өткөн замандын саркындыларын жоюуну камсыз кылды. Колхоздогу эмгектин жана турмуштун мүнөзүнүн өзү эле уруучулук каштоону жана обочолонуучулук менен сыйышпас болчу. Айыл чарбасын коллективдештирүү патриархалдык-феодалдык саркындыларды жеңүүнүн, көчмөн турмушту жоюунун чечүүчү факторлорунун бири болгон.

Лениндик кооперация планын ыңгайлуу ашыруунун натыйжасында айыл-кыштактарда жерге болгон коомдук менчикке негизделген социалисттик жаңы айыл чарба өндүрүшү келип чыккан. Майда жеке чарбалардын ордуна дыйкандардын өз таламдарын коомдук, жалпы элдик таламдар менен терең айкалыштырган коллективдүү чарбалар түзүлдү. Жеке чарбачыл дыйкандар тарыхый аренадан кетип, кубаттуу материалдык-техникалык базага, коллективизм жана шериктештик мамилелерге негизделген коомдук, социалисттик менчиктин эң жаңы тап — колхозчу дыйкандар пайда болду. Жумушчу табы сыяктуу эле колхозчу дыйкандар да социалисттик коомдун активдүү күчүнө айланды.

Колхоз-совхоздук ири өндүрүш айыл чарба продукциясынын бир кыйла өсүшүн камсыз кылды. Өлкөнү индустриялаштыруунун өтө татаал милдети чечилип, негизги капиталдык салымдар өнөр жайды өнүктүрүүгө жумшалып жаткан алгачкы беш жылдыктардын мезгилинде Совет өкмөтү мурда артта калган райондордун айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү үчүн зарыл каражаттарды дайыма берип турган. Мисалы, айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшалган каражаттардын өлкөнүн эл чарбасына арналган капиталдык салымдардын жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы биринчи беш жылдыкта 13,9%ти, экинчи беш жылдыкта 8,1%ти түзгөн болсо, Кыргызстанда бул көрсөткүчтөр 64,5% жана 42,2% болгон. Совет мамлекетинин экономикалык күчкубаты өскөн сайын мурда артта калган райондорго жардам көрсөтүү улам арта берген. Бул жардам жүз миллиондогон сомдук мамлекеттик каражатты отурукташууга өтүүгө байланыштуу чараларга саритоодон, көптөгөн салык жеңилдиктерин, кредит жана үрөндүк ссуда берүүдөн, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалуу аймактарда жерге орноштуруу ишин жүргүзүүдөн, он миңдеген жаңы турак үйлөрдү жана чарбалык имараттарды куруудан, машина-трактор станцияларын жана машина-чөп чабуу станцияларын уюштуруудан, мектеп, оорукана, мончо, балдар яслилери менен бакчаларын, окуу үйлөрүн, клубдарды д. у. с. куруудан көрүнгөн. Кыргызстандын эмгекчилери айыл чарба өндүрүшүнүн бардык тармактарын өнүктүрүүдө мамлекеттен зор жардам алып турган. 1926-ж. эле ББАКтын 3-сессиясы өзүнүн токтомунда: «Кыргызстандын дыйканчылыгы мал чарбасын өнүктүрүүнүн экономикалык бекем базасы болуу менен бирге... техникалык (пахта ж. б.) өсүмдүктөрдү өстүрүүдө да чоң мааниге ээ» деп белгилеген [ЦК ВКП(б) и союзное правительство о Киргизии. Сборник документов за 1917—1937 гг., Фр., 1937, с. 21]. Пахта аянтын абдан көбөйтүү багыты союздук өкмөттүн резервинин эсебинен ирригация, агротехника, механизация иштерин жүргүзүү жана кадрларды даярдоо жагындагы иштердин кеңири программасы менен бекемделген. Андан берки мезгилдин ичинде республиканын пахтачылыгы жана аны базасында өнүгүп жаткан иштен чыгаруучу өнөр жайы алда канча алга жылды. Эгерде ушул убактын ичинде айдоо аянты 1,8 эсе арткан болсо (1926-ж. 41,7 миң га), түшүмдүүлүк 3 эседен ашык көбөйгөн. Ал эми дүң жыйым 1924-жылдагы 28,2 миң тоннадан 1980-ж. 214,9 миң тоннага өскөн. Мындан жарым кылым мурда өндөгөн пуд гана пахтаны иштете алган Оштогу жарым кустардык пахта тазалоочу заводдун ордуна жогорку өндүрүмдүү жабдуу менен камсыз кылынган азыркы замандын ишканалары курулган. Алар даярдаган пахта буласы өлкөдөн тышкары жерлерде да белгилүү — аны Улуу Британия, Финляндия ж. б. өлкөлөр сатып алышат.

Эл чарбалык чоң мааниси бар башка техникалык өсүмдүктөрдүн ичинен кант кызылчасын белгилей кетүү керек. Кызылчачылык да союздук органдардын жана боордош республикалардын жардамы менен өнүккөн. БАКтын 3-сессиясы М. И. Калинин кол койгон өзүнүн токтомунда эле Кыргызстанда кант кызылчасын өстүрүү мүмкүн экендигин көрсөткөн. Өлкө республикага техника жагынан жардам берип, ирригация жумуштарына бир кыйла каражат бөлгөн. Кызылча өстүрүүчү кадрларды даярдоодо Россия Федерациясы менен Украина чоң жардам көрсөткөн. Кант өнөр жайынын курулуп жаткан ишканалары биринчи кезектеги курулуш деп жарыяланып, аларды курууга бүткүл өлкө комоктошкон. Мисалы, Кыргызстандагы кант өнөр жайынын түгүчү — Канттагы заводду курууга Киевдеги «Большевик» заводунун монтажчылары, Ле-

539480
Центральная кучная
библиотека

пинграддын пиженерлери, Воронеждин жана Курскинин мастерлери зор жардам берген. 49 жылдан бир аз ашык мезгилдин ичинде кант чыгаруу 28 эсе өстү. 1969—79-ж. өлө республиканын кант заводдору 2447,1 миң *т* кант чыгарган. Кант кызылчасы кантты чыгаруу үчүн гана баалуу сырьё эмес, мал чарбачылыгы өнүккөн республика үчүн өтө маанилүү баалуу тоют да болуп саналат. Колхоздор менен совхоздор жыл сайын кызылча жалбырагынан 200—220 миң *т* тоют бирдигин даярдайт, ал эми кант заводдорунда болсо 1,5 млн тдан ашык жом алынат. Республикада 1969—1979-ж. 18,8 млн *т* кант кызылчасы алынган, бул мурдагы он жылга караганда 4,4 млн тга көп.

КПСС БКнын Март (1965-ж.) пленумунун чечимдери өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүүнүн, партиянын азыркы этаптагы маркстик-лениндик агрардык саясатын ишке чыгаруунун жана ич жүзүнө ашыруунун бурулуш пункту болду. Дың жана көптөн бери айдалбай жаткан жерлерди өздөштүрүүнүн 20 жылдыгына арналган Алматыдагы салтанаттуу заседаниеде КПСС БКнын Март (1965-жыл) пленумунан тартып биздин саясатыбыздын эң башкы маселелери: өндүрүштүн өсүшүн стимулдаштырган экономикалык шарттарды, алардын ичинде даярдоонун жаңы тартибин түзүү, капиталдык салымдарды кескин түрдө көбөйтүү, айыл чарбасын механикалаштыруунун, химиялаштыруунун жана жерди мелиорациялоонун узак мезгилдүү комплекстүү программасын ишке ашыруу, айыл чарба илимин өнүктүрүү, уюштыруу жана башкаруу формаларын өркүндөтүү маселелерин улам барган сайын ырааттуу чече баштагандыгыбыз айтылган. Кыргызстандын айылкыштак эмгекчилери КПСС БК менен Совет өкмөтүнүн ар дайым көрсөткөн баа жеткис жардамына таянып, айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге жетишип жатат. 10-беш жылдыкта айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү 10,3%, анын ичинен талаачылык продукциясы 11,1% көбөйгөн. 10-беш жылдыкта бардыгы болуп 7,2 млрддан ашуун сомдук же 9-беш жылдыкка салыштырганда 676 млн сомго көп айыл чарба продукциясы алынган.

Кыргызстан, Орто Азиянын башка республикалары сыяктуу эле, сугат дыйканчылыгынын ири райондорунан болуп саналат. В. И. Ленин ирригацияга айрыкча зор маани берген. Ирригацияны өнүктүрүү боюнча алгачкы кадам жаңы Совет бийлиги үчүн өтө оор болсо да 1918-жылы — граждандык согуш жүрүп, өлкөнүн айыл чарбасы бүлүнүп жаткан кезде эле башталган. Анда В. И. Лениндин колу коюлган декрет боюнча Түркстандын сугат иштерине 50 млн сом бөлүнгөн. Дал ушул сугат иши айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүнүн башкы негизи болуп саналат. Республиканын сугат жер аянты дээрлик 1 млн *га*га жетти. Ал жерлерден колхоздор менен совхоздор талаачылык продукциясынын 90%тен ашыгын алышат. Бул жерлерге эң маанилүү техникалык өсүмдүктөрдүн баары: кант кызылчасы, пахта, тамеки айдалып, бир кыйла алгында дан эгилет. Чарбалар коомдук мал чарба үчүн тоюттун кыйла бөлүгүн сугат жерлеринен алышат. 1965—1980-ж. Кыргыз ССРинде мелиорация курулушуна 850 млн сом, же өткөн кырк жылдагыга караганда 5 эседен дээрлик көп мамлекеттик капиталдык салымдар жумшалган. Мамлекеттин жерди мелиорациялоого, курулуш уюмдарынын өндүрүштүк базасын өнүктүрүүгө, аларды квалификациялуу кадрлар менен чыдоого болгон жаткан зор капиталдык салымдары азыркы кездеги техникалык негизде ирригациялык ири объектилерди курууга струкциялоого мүмкүнчүлүк берди.

Жаратылыш ресурстарын жалпы кызыкчылыктар үчүн пайдалануу боюнча элдердин кеңири кызматташтыгы алардын улам чыңалып жаткан достугунун ачыкайкын көрүнүшү болуп саналат. Мисалы, Кыргызстандын аймагындагы миңден ашык агын суунун 850сү сугат үчүн пайдаланылат. Алардын жылдык орточо жалпы агымы 60 млрд кубометрге жакын. Бул суулардын көбү боордош республикалардын, асыресе Өзбекстандын, Казакстандын жана Тажикстандын талааларын сугарууга кетет. Мына ушуга байланыштуу Кыргызстандын аймагында суу чарбасынын ири объектилерин куруунун бүткүл Орто Азия сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү үчүн зор мааниси бар. Ошондуктан бул иште да Кыргызстан боордош элдердин туруктуу колдоосуна ээ болууда. Суу чарбасынын көп объектилери алардын жардамы менен курулуп жатат. Мисалы, Төрт-Күл суу сактагычынын долбоорун Москвадагы «Гипроводхоз» долбоорлоо институтунун адистери иштеп чыкса, аны курууда Украинанын заводдору жасаган экскаваторлор, Алтай менен Челябинскинин бульдозерлери, Белоруссия менен Мордовиянын оор жүк көтөргүч автомашиналары пайдаланыльды. Республиканын түштүгүндө дагы бир эң ири суу сактагыч — сыймдуулугу 260 млн $м^3$ келген Папан суу сактагычынын курулушу башталды. Анын долбоорун «Средазгидропроект» долбоорлоо институту түзгөн.

Сугат дыйканчылыгын өнүктүрүүнүн жогорку темпи ургаалдаштыруунун башка факторлору менен, асыресе айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү маданиятын жогорулатуу менен айкалышып, анын продуктуулугунун тез өсүшүн камсыз кылды. Сугат жерлердеги дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү (жүгөрүнүкүн кошкондо) акыркы 10 жыл ичинде 1,7 эсе өсүп, 1979-ж. 1 *га*дан орто эсеп менен 36,9 *ц*ге, пахта 1,5 эсе өсүп, дээрлик 27,8 *ц*ге, тамеки 1,3 эсе өсүп, 20,8 *ц*ге, жашылча 1,3 эсе өсүп, 212 *ц*ге жеткен.

Кыргызстандын айыл чарбасынын башкы тармагы — мал чарбачылык. Мал чарба продукциясы республиканын айыл чарба өндүрүшүнүн бардык көлөмүнүн жарымынан ашат. Эмгекти жалпы союздук болуштүрүүдө Кыргызстан арбын жүн жана жогорку сапаттагы эт берүүчү ири район болуп саналат. Кой чарбасы кеңири өнүктүрүлүүдө. Айыл чарба продукциясын сатуудан түшкөн кирешенин 34%тен ашыгы, мал чарба продукциясынан түшкөн кирешенин 56% кой чарбасынын үлүшүнө туура келет. Кой чарбасы ургаалдуу өнүгүп, анын продуктуулугу артып жатат. Эгерде 1973-ж. кой өстүрүүчүлөр ар бир жүз тубар койдон 95тен козу алса, 1980-ж. 98ден алган. 10-беш жылдыкта бардыгы болуп 19,5 млн козу же 9-беш жылдыкка караганда 2 млн козу көп алынган. Койдун жүндүүлүгү да бир кыйла жогорулады. Жүндүн жалпы салмагы 1913-жылдагы 4,7 миң тдан 1981-ж. 33,5 миң тга жеткен же дээрлик 7 эсе көбөйгөн.

Мал чарбачылыкты чарбанын бирден бир салттуу көндүм тармагы деп айтууга болот. Кыргыздар кылымдар бою кой, жылкы, уй күтүп, багып келген жана бул иште зор тажрыйбага ээ болгон. Партия чарба жүргүзүүнүн социалисттик негиздерин киргизүүдө жергиликтүү калктын чарбачылык кылуудагы көнүмүш салттарына этияттык менен жана экономикалык жактан актала тургандай мамиле жасаган.

Кыргызстандын мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө союздук органдар олуттуу жардам көрсөткөн. Мисалы, Түркмөн, Өзбек, Кыргыз жана Казак республикаларында кой чарбасын калыбына келтирүү боюнча чаралар жөнүндө Эмгек жана коргоо совети 1926-ж. 3-декабрда А. Цюрупанын (Советтин председателинин орун басары) колу коюлган атайын токтом кабыл алган. Эмгек жана коргоо совети бул республикалардын аймагында кой менен төө чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн перспективалуу планын иштеп чыгууну, аны СССРдин Эл чарба жогорку советинин жана союздаш республикалардын кыл торко кездеме өнөр жайын өнүктүрүү боюнча беш жылдык планы менен байланыштырууну Орто Азиянын, РСФСРдин, Өзбек ССРинин жана Түркмөн ССРинин Экономикалык советине сунуш кылган. Ошол эле мезгилде жалпы союздук каражаттардан бул максатка бөлүнүүчү каражаттын көлөмүн көбөйтүү да белгиленген.

СССР ЭКСи менен ВКП(б) БК 1935-ж. июлда «1935-жылы Кыргыз АССРинде мал чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планы жөнүндө» токтом кабыл алган. Анда совхоздордо жана колхоздордо малдын санын кыйла көбөйтүү белгиленген. Жылкы, уй жана кой тукумунун сапатын жакшыртууга көп көңүл бурулган. Колхоздорго малга короо-сарай курун, мал чарба фермаларына жаңы жана чоң мал сатып алын, асыл тукум мал күтүү үчүн 3 525 миң сомдук, ал эми колхозчуларга кунаажын сатып алуу үчүн 400 миң сомдук мамлекеттик кредит берилген. СССР ЭКСи менен ВКП(б) БК 1937-ж. июлда «Кыргыз ССРин чарбалык жана маданий жактан өнүктүрүүнү күчөтүү боюнча чаралар жөнүндө» токтом кабыл алын, анда, атап айтканда, мындай деп белгиленген: «Кыргыз ССРи айыл чарбасы жагынан өтө өнүккөн асыл тукумдуу мал чарба, айрыкча уяң жүндүү кой чарба өлкөсү болууга тийиш». Колхоздорго мал сатып алуу үчүн беш жылдык мөөнөт менен 4 млн сомдук кредит берилген, совхоздордон аларга 20 миң кой сатууга да уруксат кылынган. СССР жер иштер эл комиссариатына өлкөнүн башка республикаларынан жана крайларынан колхозчуларга сатуу үчүн Кыргызстанга 10 миң кунаажын алып келүү сунуш кылынган. Кыргызстанга асыл тукум мал да алынып келинген. Партия менен өкмөттүн чаралары ийгиликтүү орундалып, бул жөнүндө СССР ЭКСи менен ВКП(б) БКнын 1940-ж. 6-сентябрдагы «Кыргыз ССРинде айыл чарбасын жана айрыкча техникалык өсүмдүктөрдү айдоону мындан ары өркүндөтүү чаралары жөнүндөгү» токтомунда баса белгиленген. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө Кыргызстандын айыл чарбасына Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында да жардам көрсөтүлүп турган. СССР ЭКСи мал чарба фермаларында иштеген колхозчуларды материалдык жактан кызыктыруунү жогорулатуу жана Кыргыз ССРинин коомдук мал чарбачылыгын андан ары көтөрүү максатында төл өстүрүү жана чоң малды аман сактоо тапшырмасын ашыра аткаргандыгы үчүн колхозчуларга эмгек күнгө акы төлөөдөн тышкары, кошумча түрдө натуралай акы берүүнү сунуш кылган.

Бирок, согуш республиканын мал чарбасына эбегейсиз зор зыян келтирди. Тубар малдын саны кескин азайып, төл кемиди, бирок демейдегидей эле мында да Коммунисттик партия менен Совет мамлекети жардамга келди. Мал чарбачылыгын жем менен камсыз кылуу максатында республиканын көп колхоздору мамлекетке милдеттүү түрдө эгин тапшыруудан бошотулду.

Мамлекеттик фондудагы жайыттарды Өзбек, Казак, Кыргыз, Тажик республикаларынын колхоздоруна бекитип берүү — Орто Азия республикаларынын, анын ичинен Кыргызстандын да мал чарбачылыгын өнүктүрүү жөнүндө партия менен мамлекеттин зор камкордугунун далили болду. Асыресе, Казак ССРинин аймагындагы жайыттар Кыргызстандын колхоздоруна бекитилип берилди. Кыргыз ССРи болсо жайыттарын Өзбекстан менен Тажикстандын малчыларына берген. Бул биздин өлкөбүздүн элдеринин бир туугандык ынтымагынын жана өз ара жардамдашуусунун ачык-айкын мисалдарынын бири.

Республиканын мал чарбачылыгын уламдан улам өнүктүрүү чараларынын кеңири программасы СССР Министрлер Совети тарабынан 1947-ж. августта белгиленген. Кабыл алынган токтомдо малдын бардык түрлөрүнүн санын көбөйтүү, колхоздордун бардык мал чарба фермаларын тубар мал менен камсыз кылуу, малдын асыл тукумдуулук составын жакшыртуу каралган. Уяң жүндүү жана чала кылчык жүндүү койлорду көбөйтүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, асыресе республикага мындай койлордун саны 1948-ж. 1,5 млнго, 1949-ж. 1,8 млнго, 1950-ж. 2,1 млнго жана 1951-ж. 2,3 млнго жеткирип, ошону менен бирге асыл тукумдаштыруу ишин дагы бир кыйла жакшыртуу сунуш кылынган. Мал чарбасынын тоют базасын чындоо боюнча чаралар көрүлгөн: жайыттарга жолдор салынып, көпүрөлөр курулган, кудуктар казылып, көлмөлөр жасалган. Мал чарбасына короо-сарай ж. б. куруу иши да кеңири кулач жайып, аны ветеринария-зоотехниялык жактан тейлоону жакшыртууга көп көңүл бурулду. Башка боордош республикаларда даярдалган ондогон зоотехниктер жана ветврачтар Кыргызстанга иштөө үчүн келди. Союздук органдар коомдук мал чарбачылыкты өнүктүрүүдө Кыргызстандын колхоздору менен совхоздоруна кийинки жылдарда да зор жардам көрсөткөн. Мисалы, 1951-ж. мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүү үчүн СССР даярдоо министерствосу республикага ссуда иретинде 5 миң *т* жем бөлүп берип, ал эми СССР мамлекеттик банкы колхоздорго тоют сатып алуу жана аны жеткирүү үчүн 3 млн сом кредит берген. 1952-ж. апрелде СССР Министрлер Совети Кыргыз ССРинде коомдук мал чарбасын, айрыкча, уяң жүндүү кой чарбасын өнүктүрүүгө байланыштуу маселелерди кайрадан караган. Союздук өкмөт бул иштеги олуттуу кемчиликтердин бетин ачып, чаралардын кеңири программасын белгиледи. Бул иш-чаралар республиканын чарбаларында бекем тоют базасын түзүүнүн, жайыттарды туура жана бир кыйла толук пайдалануунун, ошону менен бирге мал чарбасында асыл тукумдаштыруу ишин дагы алда канча жакшыртуунун негизинде уяң жүндүү жана чала уяң жүндүү койлордун санын жана малдын башка кунардуу түрлөрүн мындан ары да көбөйтүүнү, койлордон жүн кыркып алууну жана уйлардан сүт саан алууну арбытууну камсыз кылууга тийиш эле. СССР Министрлер Советинин «Кайрак жерлердеги колхоздор менен совхоздордун жайыттарына суу чыгаруу жөнүндө» 1956-ж. февралда кабыл алган токтому башка союздук республикалар сыяктуу эле Кыргызстандын коомдук мал чарбасын өнүктүрүүнү мүнөзү олуттуу түрдө өзгөрүлүп, малдын структурасы сапаттык жактан жакшырды. Мындан жарым кылым мурда республикада негизинен жергиликтүү тукумдагы уйлар гана болгон. Алар тукул келип, тирүүлөй салмагы да, сүтү да аз, купарсыз болгон. Жергиликтүү тукумдагы инектин салмагы 300 *кг*дан ашпай, жылына 700—800 *л* гана сүт берген. Кой чарбасында көбүнчө эт-май берүүчү куйруктуу койлор басымдуулук кылган. Мындай койлордун жүнү орто эсеп менен 2 *кг*дан ашкан эмес, анын үстүнө кылчык келип, кийиз жасоого гана жараган. Бул койлор тоолуу жайыттарга илайыкташтырылган, өтө кунардуу жаңы тукумдар — кыргыз уяң жүндүү жана чала уяң жүндүү тянь-шань койлору менен эбак алмаштырылган. Жүнүнөн килем токула турган алай кою 1982-ж. порода катарында бекитилди. Кыргыз уяң жүндүү кою орто эсеп менен 4—5 *кг*дан жүн же 2,5 *кг*га жакын таза була берет. Тоолуу Кыргызстанда 10 млндон ашык, негизинен өтө кунардуу кой багылып жатат. Окумуштуулардын, адистердин жана өндүрүштүн алдыңкыларынын биргелешкен чыгармачылык күч-аракети менен республикада уйдун жана жылкынын да эң жакшы асыл тукумдары чыгарылган. Мисалы, ала-тоо инегинин орто салмагы 500—600 *кг* келип, жылына 5—6 миң *кг*дан сүт берет. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун негизи катарында республикада айыл чарба өндүрүшүнүн бардык тармактарын жарым-жартылай механикалаштыруудан комплекстүү механикалаштыруурга өтүү жүзөго ашырылып жатат.

КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин 1981-ж. кабыл алган токтомунда Кыргызстанда кой чарбасын

мындан ары да өнүктүрүү боюнча чаралар белгиленген. Эсептөөлөр боюнча 1990-жылда койдун саны 12 млнго жетет. Ал жылдын ичинде 1700 миң га жакын жер мурдагы он жылга салыштырганда жарым млн га көп кой эти, 470 миң т үлү жана чала үлү жүн алынат. Ошондой эле республиканын мал чарбасынын башка тармактарында да продукция алуу көбөйөт. Биринчи иретте республикадагы 1 млн гадан ашык сугарууга жарактуу жерди өздөштүрүүнүн, ошондой эле чабындыларды жана алыскы жайыттарды натыйжалуу пайдалануунун эсебинен малдын кунардуулугун кыйла жогорулатуу, тоют базасын чыңдоо милдети турат. Мына ушул чараларды жүзөгө ашыруу үчүн республикага зарыл каражаттар жана материалдык ресурстар бөлүнүп берилүүдө. Кыргыз ССРи келечекте койдун санын 15 млнго жеткире алат.

Дан чарбасы айыл чарба өндүрүшүнүн негизи болгон жана мындан ары да болуп кала берет. Республиканын шартында дан — бул нан гана эмес, ошону менен бирге эт, жүн ж. б. азык-түлүк да. Республикада сугат жерлердеги дан эгиндеп ж. б. өсүмдүктөрдөн такай жогорку түшүм алган райондордун, колхоздордун жана совхоздордун саны жылдан жылга өсүүдө. Партиянын агрардык саясатына ылайык республикада айыл чарба өндүрүшүн жана чарбалар аралык кооперацияларды адистештирүү, прилештирүү боюнча олуттуу чаралар иш жүзүнө ашырылып жатат. Калктын жашылча менен жемишке болгон керектөөлөрүн бир кыйла толук канааттандыруу үчүн шаарлардын жана жумушчу посёлкаларынын айланасында адистештирилген агрардык-өнөр жай бирикмелери түзүлүүдө. Алар жашылча, картошка, момо, жер-жемиш жана жүзүм алуу, даярдоо, сатуу жана кайра иштетүү маселелерин комплекстүү чечүүгө мүмкүндүк берет. Азыр жашылча, момо бак өстүрүү, мал чарба продукциясын алуу, кант кызылчасын өстүрүү жана кайра иштетүү боюнча бир катар өндүрүш бирикмелери иштеп жатат. Мал чарбачылыгын ургаалдаштыруу улам күч алууда. 90дон ашык сүт фермалары жана комплекстер, уйларды бордоо, торпокторду чоңойтуп жана койлорду бордоо боюнча 50гө жакын комплекс пайдалануу берилген.

Мал чарба продукциясын алууну жана даярдоону көбөйтүү боюнча республиканын алдында турган зор милдеттерди аткаруу көбүнчө тоют базасын чыңдоого, малдын кесек, чыктуу жана концентратталган тоют менен канчалык толук камсыз кылынганына жараша болот. Өзгөчө маанилүү ушул милдетти чечүү үчүн бардык жолдор: тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмүн көбөйтүү, жайыттардын береке-асылдуулугун арттыруу, ошондой эле тоют даярдоонун, аны кайра иштетин белендөөнүн жана пайдалануунун азыркы кездеги технологиясы кеңири колдонулуп жатат.

Мал чарбасын ургаалдуу өнүктүрүүдө кадрлардын ролу, ал эми Кыргызстандын шарттарында чабандардын ролу өтө зор экендиги шексиз. Кой өстүрүүчүлөрдүн 1975-ж. май айында Фрунзеде өткөн республикалык кеңешмесинде кыргыздын элге кеңири белгилүү болгон баатыр чабандары Б. Айтбаев, К. Жунушев, Т. Акматовдордун тажрыйбалары биздин Кыргызстандын кой чарбаларынын натыйжалуулугун жогорулатууга кошкон чоң салым болуп саналгандыгы белгиленип кеткен. Ушул тажрыйбаны пайдаланып, республиканын кой өстүрүүчүлөрү бийик тоонун эң татаал шарттарында мурда жетишилген ийгиликтерди бекемдеп гана тим болбостон, дагы жаңы ийгиликтерди жаратышы өтө маанилүү. Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилери дыйканчылык продукциясынын негизги түрлөрүн сатуу боюнча 10-беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү аткарды. Мамлекетке 1446,7 миң т (102,3%) дан, 1050 миң т (102,3%) пахта, 167,6 миң т (107,4%) тамеки, 393,1 миң т (110,1%) картошка, 1235,1 миң т (123,5%) жашылча, 216,4 миң т (106,1%) бакча өсүмдүктөрү, 438,5 миң т (101,3%) момо-жемиш, 218,7 миң т (106,1%) жүзүм сатылды. Мунун баары партиянын агрардык саясатын ыраатуулук менен ишке ашыруунун, колхоздор менен совхоздордун, шаарлар менен өнөр жай борборлорунун эмгекчилеринин кажыбас кайраткерлигинин, ошондой эле республиканын партиялык, профсоюздук жана комсомолдук уюмдарынын, советтик жана чарбалык органдарынын зор уюштуруучулук жана саясий ишинин натыйжасы болуп саналат. «КПСС Борбордук Комитетинин Март пленумунун көрсөтмөлөрү андан кийинки бир катар пленумдарда жана КПССтин 24—25-съезддеринде өнүктүрүлүүчү партиянын азыркы учурдагы агрардык саясатынын — илимий саясаттын, туура саясаттын негизин түзүп келди, бул саясаттан биз чегинген эмеспиз жана чегинбейбиз» (Брежнев Л. И., О продовольственной программе СССР на период до 1990 года и мерах по её реализации, М., 1982, с. 5).

Өнүккөн социализмдин шартында партиянын азыркы агрардык саясатын КПСС БКнын Генералдык секретары Л. И. Брежнев айыл чарба жагындагы лениндик стратегия жана тактика катары карап, КПСС Борбордук Комитетинин Май (1982-ж.) пленумунда кабыл алынган Азык-түлүк программасы боюнча докладында: «Биз карап жаткан азык-түлүк проблемасы — бул айыл чарбасын жогорулатууда жана аны менен байланыштуу тармактарды жогорулатуудагы түп тамырынан бери гана бурулуш эмес. Өзүнүн мүнөзү, масштабдуулугу боюнча ал бүткүл эл чарбасынын прогрессин камсыз кылууга чакырылган. Биз, жолдоштор, өзүбүздүн Пленумубуздун чечимдери өлкөнүн турмушуна, анын экономикасына партия менен эл чынында эле тарыхый деп атаган КПСС Борбордук Комитетинин Март (1965-жыл) пленумунун чечимдери өз учурунда көрсөткөндөй таасир көрсөтө тургандыгына ишенгендикти билдире алабыз деп ойлоймун»,— деп айткан (ошондо, с. 25).

Советтер Союзунун элдеринин достук жана бир туугандык кызматташтык мамилелерин өнүктүрүүдө социалисттик мелдеш улам зор маанеге ээ болуп жатат. Ал дайыма өнүгүү менен алга кетүүнүн күчтүү тездеткичи, коммунисттик курулуштун пландарын аткаруу үчүн күрөштө кубаттуу шыктандыруучу күч, сыналган каражат болууда. Республикалардын, областтардын, шаарлардын, райондордун ортосундагы социалисттик мелдеш жылдан жылга кеңири кулач жаюуда. Кыргызстан менен Тажикстандын айыл чарба эмгекчилеринин эмгектин эң мыкты ыкмаларын алмашуу менен коштолгон социалисттик мелдеши эмгектеги активдүү атаандашууга айланды. Кыргызстандын Ош областынын жана Өзбекстандын Анжиян областынын эмгекчилери көп жылдан бери өз ара мелдешүүдө. Тажикстан менен Кыргызстандын борбор шаарлары — Дүйшөмбү менен Фрунзени эмгектеги зор ыптымак байланыштырып келе жатат. Эки республиканын борбордорундагы курулуш материал комбинаттарынын, Дүйшөмбүдөгү «Ширин» кондитер фабрикасы менен Фрунзедеги кондитердик бирикменин, үй куруу комбинаттарынын ж. б. ишканаларын коллективдери өз ара жемиштүү мелдешип жатат. Алар өз ара алдыңкы тажрыйбаларды алмашып, өндүрүшкө улам жаңы, алдыңкы ыкмаларды киргизүүгө бири бирине жардамдашууда. «Кыргызавтомаш» заводунун РСФСРдеги Шадринск автоагрегат заводу менен, «Кыргызмебель» бирикмесинин Казак ССРиндеги «Алматы» мебель фирмасы менен мелдеши салтка айланды. Кыргызстандын тамак-аш кызматкерлери Украинадагы, Балтика боюндагы, Молдавиядагы кесиптештери менен эбактан бери кызматташат. Такай өткөрүлүп турган жолугушуулар, милдеттенмелерди аткаруунун өз ара текшерүүлөр, өндүрүш тажрыйбасын алмашуу эмгектеги ийгиликтерди гана арттырбастан, интернационалдык достук сезимин да чыңдайт.

Эгерде партия Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн тартып эле маданий революцияны ишке ашыруруга бүт күч-кубатын жумшап, аны максаттуулук менен колго албаганда биздин өлкөбүздө социалисттик кайра куруулар эч мүмкүн эмес эле. Кыргызстандын шартында маданий курулуштун эң алгачкы этабында калктын сабатсыздыгын жоюу керек болгон. Революцияга чейинки Россияда жалпысынан чоң кишилердин төрттөн үч бөлүгүнө жакыны сабатсыз болсо, ал эми Россиянын чет-жакаларында абал андан да начар эле. Мисалы, кыргыздардын ичинен 0,6% гана сабаттуу болуп, мектеп жашындагы ар бир жүз баланын төртөө гана окуган. Ошондуктан башка улуттук чет-жакалардагыдай эле, бул жерде да, өзгөчө айылкыштак жеринде чоң кишилердин сабатсыздыгын жоюу жана мектептердин кеңири тармагын түзүү үчүн күрөшүү эң маанилүү ж-а биринчи кезектеги милдеттердин бири болгон. «Сабатсыз адам саясаттан четте турат, ага эң оболу алиппени үйрөтүү керек»,— деп көрсөткөн Ленин (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 33-т., 67-б.). Улуттук кембагал дыйкандардын маданий деңгээлин жана саясий аң-сезимин жогорулатуу милдети өзгөчө мааниге ээ эле, анткени алар жергиликтүү калктын басымдуу көпчүлүгүн түзүү менен, пролетариаты дээрлик жок жагдайда жаңы советтик улуттук интеллигенцияны жана жумушчу табынын улуттук отрядын түзүү үчүн чындыгында негизги социалдык база болгон. «РСФСРдин калкынын сабатсыздыгын жоюу жөнүндөгү» 1919-ж. 26-декабрдагы лениндик декрет, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстанда да сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөшкө жол ачып, анда республиканын жазганды жана окуганды билбеген 8ден 50 жашка чейинки бүт калкы өз ыктыяры менен эне тилинде же орус тилинде окууга милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн. Бирок сабатсыздыкты жоюу мектептерин көбөйтүүгө каражат, мугалимдер, кала берсе бул ишке тартуу үчүн кадыресе сабаттуу адамдар да жетишкен эмес. Сабатсыздыкты жоюуда, элге билим берүүнү өнүктүрүүдө башка маселелерди чечүүдөгүдөй эле, кыргыз эли Коммунисттик партия менен Совет мамлекетинин зор камкордугун жана көңүл бургандыгын, совет элдеринин, баарыдан мурда бүткүл орус элинин ак ниеттүү достук жардамын дайыма сезип келди. Мугалимдердин Бүткүл союздук съездинде (1968-ж., 4-июль) айтылып кеткендей өмүл күндөрдө коргоо иши жана эл чарбасын кайра калыбына келтирүү менен катар, эл агартууну жаш Совет республикасынын үчүнчү фронту деп аташкан. Биринчи күндөрдөн тартып эле элге билим берүү биздин өлкөбүздүн улуттук коп түрдүүлүгүн эске алуу менен элдердин достугунун лениндик саясатынын бекем негиздеринде түзүлгөн жана өнүккөн. Коп элдерди совет бийлиги мектепке гана эмес, о. эле мурда жок болгон жазмага да ээ кылган. 1918-ж. эле Россия Федерациясынын өкмөтү Түркстан республикасынын эл агартуу мукаждыктарына 177 млн сом бөлүп берип, ал мектептердин окуу-материалдык базасын чыңдоого мүмкүнчүлүк түзгөн. 1925-ж. СССР БАКынын Президиуму Кыргызстанга жалпы мамлекеттик бюджеттен кошумча 300 миң сом, аның ичинен 100 миң сомун элге билим берүүгө бөлүп берген. 1929-жылдын ортосунда кабыл алынган ВКП(б) БКнын «Сабатсыздыкты жоюу иши жөнүндөгү» токтомунан кийин сабаттуулук үчүн күрөш айрыкча кулач жайган. Ал токтомдо: «Бир катар чыгыш республикаларынын жана областтарынын калкынын, ошондой эле кээ бир аз сандуу элдердин бүтүндөй дээрлик сабатсыз болушу бул аймактардагы бүткүл маданий иштин негизги жана эң маанилүү милдети катары сабатсыздыкты жоюу милдетин коюп олтурат»,—деп көрсөтүлгөн (КПСС о культуре, просвещении и науке. Сб. документов, М., 1963, с. 197). Сабатсыздыкты жоюу үчүн партиялык комитеттердин түздөн-түз жетекчилиги менен кулач жайган массалык маданий жүрүш жергиликтүү шартты эске алуу менен жүзөго ашырылып, тап күрөшүнүн айгышкан шарттарында өткөн. 1925-жылдан 1934-жылга чейинки 10 жылдын ичинде Кыргызстанда 400дөн ашык мектеп курулуп, эл агартуу ишине бөлүнгөн каражат 592,5 миң сомдон 28581,2 миң сомго жеткен. 1934-ж. республикада мектеби жок бир дагы калктуу ири пункт болгон эмес. Кыргыз элинин кылымдар бою артта калгандыгынын изи улам барган сайын жоюлуп баратты.

40-жылдардын башында эле республика эмгекчилеринин 90%тен ашыгы сабаттуу болуп калган. Кийинки жылдарда да мектептерде чоң кишилерди окутуу улантылып, Кыргызстан туташ сабаттуу республикага айланды. Мына ушунун баары партиянын зор кыйынчылыктарды жеңип, Россиянын мурда артта калган четжакаларынын бардыгында тең маданий революцияны кыйшаюусуз ишке ашыргандыгын далилдейт. Ошол күндөрдөгү кыйын кырдаалдарды эске алганда элге билим берүү, илим жана маданият жагынан Кыргызстандын азыркы кездеги жетишкендиктеринин мааниси дагы ого бетер артат. 1981—82-окуу жылында республикадагы 1723 жалпы билим берүүчү мектепте (алардын 68,1%тен көбү орто мектеп) 900 миң окуучу окуган. Бүткүл өлкөдөгүдөй эле Кыргыз ССРинде да социалдык зор маанилүү маселе чечилди — жаштар үчүн жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүү негизинен аяктады.

Кыргыз элинин улуттук жазмасынын түзүлүшү партиянын лениндик улут саясатынын салтанат курушунун эң ишенимдүү далилдеринин бири болуп саналат. Ал жазма реформаланган араб алфавитинин негизинде 1924-ж. пайда болгон. Бирок, көп узабай эле араб графикасынын негизи кыргыз жазуусу үчүн ылайыксыз экендигин турмуш көрсөттү. Реформаланган араб алфавити өздөштүрүүгө татаал, техникалык жактан ыңгайсыз болуп, кыргыз тилинин өзгочолуктөрүн чагылдыра албай, чындыгында элдин калың катмарынын кат таануусуна тоскоолдук кылган. 1925-ж. эле эмгекчилердин арасында араб алфавитинен баш тартуу, аны башка, оңоюраак, латын графикасынын базасында түзүлгөн алфавит менен алмаштыруу жөнүндө пикир айтыла баштаган. Латын жазуусунун негизинде жаңы алфавит иштелип чыккан. Кыргыз АССР БАКынын Президиуму мындай токтом кабыл алган: «1930-жылдын 1-январынан баштап Кыргыз АССРинин бүткүл аймагында өндүрүштүн бардык тармактарында эски (араб) алфавит колдонуудан таптакыр алынып ташталып, ал (эски алфавит) кыргыздын улуттук жаңы латын алфавити менен алмаштырылсын». Латын алфавити 12 жыл колдонулду. Ушул убакыттын ичинде Кыргызстандын социалисттик экономикасынын өсүшү менен бирге илими, маданияты жана искусствосу да өнүктү, кыргыздын адабий тили байыды. Бирок, латын алфавитин кыргыз жазмасынын негизи катары андан ары сактап калуу максатка ылайыксыз эле. 30-жылдарда орус элинин жана өлкөбүздүн башка элдеринин маданияты менен терең жана ар тараптан жакындашуунун негизинде кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүнүн ургаалдуу процесси жүргөн. Орус тили барган сайын улуттардын ортосунда катнашуу каражатына айлана берген, ушуга байланыштуу кыргыз жазмасын латын алфавитинен орус графикасына негизделген жаңы алфавитке өткөрүү жөнүндөгү маселе келип чыккан, анткени жаңы алфавит орус тилин дагы бир кыйла ийгиликтүү үйрөнүүнү камсыз кылууга тийиш эле.

1939-ж. мартта республиканын мезгилдүү басма сөзүндө кыргыз жазуусун орус графикасына негизделген жаңы алфавитке өткөрүү маселеси талкууга коюлган. Бул сунушту Кыргызстандын коомчулугу дароо эле кеңири колдоого алып, республиканын интеллигенциясынын, жумушчуларынын жана колхозчуларынын, бардык эмгекчилеринин өкүлдөрү тарабынан кызуу жактырылган. 1939-ж. күзүндө Кыргыз тил жана жазма институту жаңы алфавиттин долбоорун иштеп чыгууну аяктаган. Андан бир аз кийинчерээк Фрунзе шаарындагы интеллигенциянын жана жумушчулардын чогулушу болуп, анда кыргыз жазмасын орус алфавитине өткөрүү жөнүндөгү маселе талкууланган. Чогулушка катышуучулар кыргыз жазмасы боюнча болжолдонгон реформаны бир добуштан жактырышкан. Кыргыздын орус графикасынын негизинде түзүлгөн жаңы алфавитинин долбоору республикалык басма сөздө жарыяланып, эки жылга жакын убакыт бою эл арасында ар

тараптан кеңири талкууланып, бир добуштан жактырылган. 36 тамгадан турган жаңы алфавиттин долбоорунда орус алфавитинин составы толук сакталып, ага кыргыз тилинин өзгочолүгүн чагылдырган тыбыштарды белгилеген үч тамга кошулган. Кыргызстан Компартиясынын 1940-ж. мартта болгон 4-съезди кыргыз жазмасын латын алфавитинен орус алфавитине которуу жөнүндөгү маселени карап чыгып, 1940—1941-жылдардын ичинде аны жүзөгө ашыруу милдетин койгон. 1940-ж. июлда СССР Эл Комиссарлар Совети менен ВКП(б) Борбордук Комитети республиканын мамлекеттик мекемелеринде, коомдук уюмдарында жана мезгилдүү басма сөзүндө ишжүргүзүүнү латын алфавитинен орус алфавитине которууну 1941-жылдын 1-январынан баштоого, мектептерде, 1-класстарда баштооч класстарда окутууну 1940-жылдын 1-сентябрынан баштоого уруксат кылган. Мында алдын ала мугалим кадрларын даярдоо жана керектүү окуу китептерин жаңы алфавитте басып чыгаруу каралган. Кыргыз жазмасы орус алфавитине которулган мезгилден бери 40 жылдан ашык убакыт өттү. Мезгил жана турмуш кыргыз элинин туура багыт алганын көрсөттү.

Совет бийлиги улуттук артыкчылыктарды, анын ичинен тилдик артыкчылыкты да жок кылып, биздин өлкөбүздүн бардык элдеринин тилинин эркин өнүгүшү үчүн шарт түздү. Кыргызстанда жарым кылымдын ичинде жалпы тиражы 211 млнго жакын пуска менен 30 миңден ашуун наамдагы, анын ичинде кыргыз тилинде тиражы 126 млнго жакын пуска менен 15 миңдей наамдагы китеп жана китепче басылып чыккан. Жалпы билим берүүчү 1060ка жакын мектепте сабак кыргыз тилинде өтүлүп, кыргыз тили менен адабияты атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутулат. Кыргыз тилинде бир жолку тиражы 775 миңден ашуун пускада 60 райондук, областтык, республикалык ж. б. газета жана жылдык тиражы 8607 миңден ашуун пуска менен 16 журнал ж. б. мезгилдүү басылмалар чыгат.

Биздин өлкөбүздүн башка элдери сыяктуу эле кыргыз эли да өзүнүн эне тилин улуттук маданиятты өнүктүрүүнүн кубаттуу фактору катары пайдаланып жатат. Кыргыз тили боюнча кеңири илимий изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Кыргыз тили жана адабияты боюнча жүздөн ашуун доктордук жана кандидаттык диссертация жакталган. Республикада кыргыз тили жана адабияты боюнча квалификациялуу адис кадрлар даярдалган жана даярдалып жатат. Маданий революциянын лениндик планын ишжүзүнө ашыруунун жалпы пугунда улуттук интеллигенция да түзүлө баштаган. Улуттук интеллигенцияны түзүүдө Советтик Чыгыштын мурда артта калган элдеринин патриархалдык-феодалдык укладды түп тамырынан бери кыйратуудан улам келип чыккан өзүнчө өзгочолуктөрү бар эле. Акыл эмгегинин кызматкерлерин даярдоого, интеллигенцияны түзүүгө, анын дүркүрөп өсүшүнө болгон мүмкүчүлүк адегенде эле маркстик-лениндик илим ачкан объективдүү закон ченемдүүлүккө ылайык аң-сезимдүү жана план ченемдүү багытта өнүгө баштаган жаңы коомдун өзүнүн талабынан келип чыккан. Эл чарбасынын, маданияттын жана илимдин ар кыл тармактарында социализмдин улуу идеяларына, партия менен элдин ишине чексиз берилген, жогорку квалификациялуу көп сандаган адис кадрлар болмоюнча социалисттик коомду ийгиликтүү куруу мүмкүн эмес. Турмуш өзү улуттук кадрларды даярдоо зарылдыгын катуу талап кылды, себеби — партиянын саясий жолунун тагдыры (орундалышы) эми көбүнчө аны ишжүзүнө ашыруруга эмгекчилерди мобилизациялай турган кадрларга байланыштуу болуп калган эле. В. И. Ленин: «Саясат адамдар аркылуу жүргүзүлөт»,— деп көрсөткөн (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 33-т., 343-б.). Дал ошол жогорку квалификациялуу кадрлар капиталисттик эмес өнүгүүнүн татаал шарттарында партиялык жетекчиликтин чечүүчү звеносу болгон. Бул жерде башка да бир жагдайды, Россиянын мурдагы колониялык чет-жакаларынын көбүндөгүдөй эле, Кыргызстанда да революция алдындагы мезгилде подпольенин катаал мектебинен өткөн улуттук кадрлар, саясий жетекчилер болбогонун эске алуу керек. Буржуазияга жана падышачылыктын колонячыл саясатына каршы күрөштө сыналган, өз айланасына чыныгы интернационалчыл күчтөрдү бириктирүүгө жөндөмдүү кадрлардын такшалган уюткусуруусуз крайдын социалисттик кайра куруу милдеттерин жүзөгө ашыруу өлчөөсүз кыйын болгон. Кыргызстанда кадрларды даярдоо маселесинин айрыкча курчтугу Совет бийлигине ак ниет мамиле кылган эски адистердин да эң эле аздыгы менен түшүндүрүлгөн. Партиялык уюм аларды пайдаланган, бирок бул бүткүл проблеманы анча деле чече койгон жок. Жогоруда айтылгандарга кыргыз элинин өзүнүн советтик мамлекеттүүлүгүн түзүшү, буга байланыштуу партиялык жана чарбалык аппараттын түзүлүшү даярдыгы бар көп сандаган кызматкерлерди, биринчи иретте жергиликтүү улуттук кадрларды талап кылгандыгын кошумчалай кетүү зарыл. «Азыр,— деп жазган В. И. Ленин 1921-ж. Эмгек жана коргоо советинин жергиликтүү советтик мекемелерге наказында,— жумушчу-дыйкан мамлекети өзү „кожоюн" болуп эсептелет, ошондуктан ал чарбалык курулуш боюнча эң мыкты кызматкерлерди, атайын жана жалпы, жергиликтүү жана жалпы мамлекеттик масштабдагы администраторлорду, уюштуруучуларды тандап алуу ишин кеңири, план ченемдүү, системалуу жана ачык түрдө жолго коюуга тийиш» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 32-том, 451-б.).

Боордош элдердин, эң оболу, улуу орус элинин бардыгын камтыган интернационалдык жардамы Кыргызстан үчүн өтө кыйын маселени — кадр даярдоону ийгиликтүү чечүүгө негиз болду. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле бул маселени чечүүгө көмөктөшүү үчүн Россиянын өнүккөн райондорунан Кыргызстанга инженер-техник кызматкерлер, квалификациялуу жумушчулар жиберилип турган. Улуттук кадрларды даярдоо жагынан партия менен Совет мамлекетинин саясатынын өзү эле чыныгы интернационализмдин лениндик духуна сугарылган болучу. Кадрларды тандоодо партиянын Борбордук Комитети улуттук жагдайды эске алуунун зарылдыгына да дайыма көңүл бурун келген. КПССтин практикалык иш-аракети жергиликтүү улуттук кадрлардын бардык жумушту бүт бойдон өз колуна алуусуна багытталган. Бул өзүн толугу менен актады. Албетте, адегенде жаш адистердин тажрыйбасыдыгынан, билиминин жетишсиздигинен улам кемчиликтер жана белгилүү жаңылыштыктар кетирилбей койгон жок, бирок ага карабастан саясий утуш өтө зор болду. Мунун өзү, чыныгы интернационализмдин, улуттук кадрларга терең ишенүүнүн — буржуазиячыл улутчулдардын таянычын кыйратуунун эң күчтүү куралынын көрүнүшү болгон. Партиянын улуттук кадрларды даярдоо жана тарбиялоо саясаты эң сонун натыйжаларды берди, совет элдеринин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн жана бүтүндөй эле СССРдин чыңдалышына, коммунисттик партия менен совет бийлигинин беделинин ар түрдүү улуттардын жана элдердин эмгекчилеринин арасында дагы көбүрөөк көтөрүлүшүнө, алардын эмгектик жана саясий активдүүлүгүнүн жогорулашына шарт түзүп, жаңы турмуштун активдүү куруучуларынан болуулуларына жардам берди.

Совет бийлиги жыл сайын чыңдалып, өлкөнүн саясий турмушуна улам жаңы адамдар кошулуп, алардын ичинен партиялык жана советтик жетекчи кызматкерлер өсүп чыкты. Кадрларды даярдоонун өтө массалык формасы Кыргыз автономиялуу области уюшулган алгачкы жылдарда, кийин АССР мезгилинде да өлкөнүн башка көпчүлүк улуттук райондорундагыдай эле ар кандай курстар болгон. Кадрларды даярдоо боюнча жергиликтүү курстардын кеңири тармагын түзүү менен бирге жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүн башка республикалардагы ар түрдүү курстарга жиберүү чоң

маанеге ээ болгон эле. Кыргызстанда кадрларды даярдоонун өзгочолүгү пролетариаттын өтө аздыгынан улам улуттук эмгекчил интеллигенция негизинен дыйкандардын өкүлдөрүнөн калыптанып, майда буржуазиячыл идеологиянын жана түрдүү патриархалдык-феодалдык саркындылардын ага бир кыйла таасир тийгизгендигинде болгон. Мындай шарттарда кадрларды идеялык-теориялык жактан куралдандыруу, эмгекчи массаларды саясий жактан тарбиялоо ишин активдештирүү айрыкча маанеге ээ болот. Зор көлөмдөгү бул иш квалификациялуу идеологиялык кызматкерлердин чоң армиясын талап кылды. Мындай кадрлардын бир азы республиканын советтик, партиялык мектебинде, ал эми негизги болгүсү Москва менен Ленинграддын коммунисттик университеттеринде, башка боордош республикаларда, асыресе Орто Азия коммунисттик университетинде, Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетинде ж. б-да даярдалды. Мисалы, 1930-ж. Орто Азия коммунисттик университетинде (САКУда) 150 кыргыз окуган. ВКП(б) БК жана анын Орто Азия бюросу тарабынан иш жүзүндө көрсөтүлгөн ушундай көмөктүн натыйжасында республикада партиялык, идеологиялык кадрлардын саны өсүп, алардын идеялык-саясий деңгээли жогорулаган. 1936-жылдын апрелинде республикадагы 503 пропагандисттин 156сы коммунисттик жогорку окуу жайларын, 101и советтик-партиялык мектепти жана 245и пропагандисттик курстарды бүтүргөн. ВКП(б) БКнын жана анын Орто Азия бюросунун тажрыйбалуу, даярдыгы бар кызматкерлерди Орто Азия республикаларына жибериши бул жардамдын туруктуу жана иштиктүү формасы болгон. Кыргыз автономиялуу области, андан кийин республикасы түзүлгөн алгачкы жылдарда бул жакка 250дөн ашык партиялык жана советтик кызматкер жиберилген. Республикага келген партиялык кадрлар өзүнүн бай тажрыйбасы менен билимин жергиликтүү кызматкерлерге үйрөтүшкөн. Бул социалисттик курулуштун эң жооптуу жерлерин дасыккан кызматкерлер менен бекемдөөгө, жергиликтүү кадрларды интернационалдык жактан тарбиялоону күчөтүүгө мүмкүндүк берген. Натыйжада, эгер 1925-ж. партиялык ячейкалардын 132 секретарынын экөө жогорку, алтоо орто, жүз төртү башталгыч билимдүү, жыйырмасы чала сабат, экөө сабатсыз болсо, 1937-ж. партиялык ячейкалардын секретарларынын ичинде чала сабаттуулары болгон эмес, 21 адамдын жалпы жогорку, 64үнүн орто, 14үнүн жогорку саясий жана 43үнүн орто саясий билими болгон. Дал ушул кызматкерлердин ичинен кийин республикалык звенодогу кадрлар өсүп чыкандыгын эске алсак, бул фактынын өзгочө мааниси бар экендиги айкын боло түшөт. Алар партиянын башкы багытын, анын улут саясатын иш жүзүнө ашыруу үчүн республиканын коммунисттери менен эмгекчилеринин күрөшүнө жетекчилик кылды. РСФСРдин ж. б. бир тууган республикалардын жардамы кийинки жылдары да басаңдаган эмес. СССР ЭКСи менен ВКП(б) БК бул ишке олуттуу көңүл буруп, Кыргызстанга борбордук жогорку окуу жайларын бүтүргөндөрдүн, жогорку квалификациялуу адистердин, илимий кызматкерлердин, инженерлердин, адабият менен искусство ишмерлеринин чоң тобун көшүмча түрдө жиберүүгө СССР жер иштер эл комиссариатын ж. б. эл комиссариаттарын милдеттендирген. 1937—40-жылдарда бул жакка жогорку жана орто билимдүү 600дөй мугалим, 500дөн ашык өнөр жай, айыл чарба адистери ж. б. келген.

Мындан тышкары, эл чарбасы менен маданияттын ар кандай тармактары үчүн жогорку жана орто квалификациялуу адистерди даярдоодо башка республикалардын жогорку окуу жайлары чексиз көмөк көрсөттү, анткени революцияга чейин жана Совет бийлигинин алгачкы жылдарында андай окуу жайлар Кыргызстанда жок эле. Кыргызстандан окуучуларды тандоо жана аларды Россиянын борбордук райондорундагы окуу жайларга жөнөтүү жана окууга тартуу боюнча 1926-ж. атайын округдук комитеттери түзүлгөн эле. Республикада жалпы билим берүүнү киргизүүгө арналган 1930-жылдагы документтердин биринде Совет бийлигинин учурунда «ар түрдүү окуу жайын бүтүргөн 600 кыргыз бар, азыр да Советтер Союзунун ар кайсы шаарларында 331 кыргыз окуп жатат» — деп канааттануу менен белгиленген. 1933-ж. Ленинграддын, Москванын, өлкөнүн башка шаарларынын жогорку окуу жайларында Кыргызстандан 2000дей студент окуган (Второй пятилетний план Киргизской ССР, Фр., 1933, с. 189). ВКП(б) БК менен союздук өкмөт улуттардын өкүлдөрүнүн окууга өтүшүнө бир катар жеңилдиктерди берген. Кыргызстандын эмгекчилери 1934-жылга чейин, маданий жагынан мурда артта калган башка элдердин өкүлдөрү сыяктуу эле, РСФСРдин ж. б. республикаларын окуу жайларына өтүүдө орунду брондоонун өзгочө системасынан пайдаланышкан. Бул системада аларга белгилүү сандагы орунду бекитип коюу менен эле чектелбестен, жалпы эрежелерден тышкары орус эмес улуттардын окуучуларынын жалпы даярдыгынын тайкылыгына жана орус тилин начар билгендигине карабастан окуу курсун тоскоолдуксуз өтүшүнө мүмкүндүк бере турган бир катар жеңилдиктер да каралган. Ошентсе да квалификациялуу кадрларды даярдоо проблемасын жер-жерлерде жогорку жана атайын орто окуу жайлардын жетишерлик өнүккөн тармагын түзүү менен гана негизги милдетти чечүү мүмкүн экенин турмуш ырастады. Кыргыз элинин социалисттик курулуштагы ийгиликтери, маданиятынын өсүшү 20-жылдардын орто ченинде жана 30-жылдардын башында эле бул үчүн зарыл өбөлгөлөрдү түзгөн.

Республикада алгачкы атайын орто окуу жайы 1925-ж. ачылган. Ал Эл агартуу институту аталып, 1928-ж. Республикалык борбордук педагогика техникумуна айландырылган. Республиканын түңүч жогорку окуу жайы — Кыргыз педагогикалык институту 1932-ж. Фрунзе шаарында ачылган, ал эми бир жылдан кийин Зооветеринария институту уюштурулган. Өлкөнүн жогорку окуу жайлары, эң оболу, Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары Кыргыз республикасында жогорку мектептин калыптанышына жана өнүгүшүнө өтө активдүү жардам берген. Москва, Ленинград, Советтер Союзунун ж. б. шаарлары Фрунзеге лабораториялык жабдууларды, окуу куралы менен приборлорун, илимий адабияттарды жиберип турду. Кыргызстандагы алгачкы жогорку жана атайын орто окуу жайларынын уюштуруучулары менен окутуучулары улуу орус элинин жана СССРдин башка боордош элдеринин өкүлдөрү болду. СССР жогорку мектеп комитетинин, РСФСР ж. б. республикалардын эл агартуу комиссариаттарынын жиберүүсү боюнча Кыргызстанга ондогон педагогдор, илимий кызматкерлер келген. 1935-ж. республиканын өзүндө да жогорку билимдүү алгачкы адистер даярдалып чыгарыла баштады. Кыргыз ССРинде жогорку жана атайын орто билим берүүнүн бирдиктүү, ыраатгуу системасы ийгиликтүү иштеп, адистерди даярдоо иш жүзүндө эл чарбасынын, илим менен маданияттын дээрлик бардык эң маанилүү тармактары боюнча жүргүзүлүүдө. Республиканын 10 жогорку, 41 атайын орто окуу жайында 107 миңден ашуун адам, анын ичинен жогорку окуу жайларында 55 миңден ашуун студент окуйт. Бул окуу жайлар уюшулгандан берки мезгилде (1981-жылга карата) 153 миң жогорку билимдүү, 232 миң орто билимдүү адис даярдалды. 1981-ж. республиканын эл чарбасында 282 миң адис иштесе, аның 132 миңи жогорку, 150 миңи атайын орто билимдүү болгон (революцияга чейинки бүткүл Россияда 190 миң адис болгон) жана алардын басымдуу көпчүлүгү республиканын жогорку окуу жайлары менен техникумдарын бүтүргөн. 10-беш жылдыктын ичинде эле жогорку окуу жайлар менен техникумдарды бүтүргөн 78,4 миң адис эл чарбасында иштей баштады. Студенттердин социалдык составы өзгөрдү. Жогорку окуу жайлар менен техникумдарга өндүрүштө эмгек

мектебинен өтүшкөн жаштар улам көбүрөөк келүүдө, окуп жаткандардын 70%кө жакыны жумушчу менен колхозчу же алардын балдары.

Советтик Чыгыштын башка республикаларындагыдай Кыргызстанда да болуп көрбөгөндөй тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн азыркы учурга ылайык базанын түзүлүшү, улуттук интеллигенциянын калыптанышы капитализмге караганда социализмдин артыкчылыгынын, мурда артта калган элдердин көп улуттуу социалисттик ири мамлекеттин составында өнүгүшүнүн артыкчылыктарынын ачык-айкын далили болуп саналат. Алдыңкы улуттардын эмгекчилеринин жана союздук мамлекеттин бир туугандык жардамына таянып, Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен мурда артта калган элдер бир муундун өмүрүндөй мезгилде эле капитализмдин азаптуу баскычын аттап, патриархалдык-феодалдык мамилелерден өнүккөн социализмге чейинки татаал жолду басып өттү. Коммунисттик курулуштун азыркы этабында өндүрүштү башкаруунун илимий негиздерин терең билген, илим менен техниканын жетишкендиктерине ээ болгон, кеңири билимдүү, жогорку квалификациялуу адиске муктаждык ого бетер күчөдү. Партияда жана өлкөдө кадрлар менен иштөөнүн чыгармачыл, иштиктүү кырдаалы, алардын өсүшү, жөндөмдөрүн көрсөтүшү үчүн шарттар түзүлдү. Азыркы интеллигенциянын жаңы кадрларын даярдоонун башкы социалдык базасы Совет бийлигинин жылдарында сан жана сапат жагынан өнүккөн жумушчу табы менен колхозчу дыйкандар болуп саналат. Кыргызстандын партиялык уюмдары кадрларды тандоонун, жайгаштыруунун жана тарбиялоонун лениндик принцибин, партиянын съездеринин, КПСС БКнын пленумдарынын чечимдерин кыйшаюусуз жетекчиликке алууда. Өнөр жайында иштеген адис кадрлардын негизги бөлүгү кесип жагынан маалыматтуулугу жана уюштуруучулук иште тажрыйбалуулугу менен айырмаланат. Республиканын өнөр жайынын негизги (машина куруу, электр техника жана көмүр өнөр жайы, түстүү металлургия) тармактарынын жетекчилеринин ичинен 85,5% жогорку билимдүү адистер. Айыл чарбасынын бардык тармагынын квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылынышы республиканын партиялык уюмунун чоң жеңиши болуп саналат. Партия илимий-техникалык прогрессти тездетүү жана айыл чарбасын ургаалдуу өнүктүрүү проблемаларын чечүүдө кадрлар менен иштөөнү жакшыртуу, өндүрүш адистери менен уюштуруучуларын, ошондой эле массалык кесиптин кызматкерлерин даярдоонун жана кайрадан даярдоонун ыраттуу системасын түзүү маселелерине зор көңүл бурун келди. Колхоздорду, совхоздорду, айыл чарба органдарын квалификациялуу кадрлар менен чыңдоо, аларды таптырылган ишке өтө жоошкерчиликтин, кемчиликтерге келишпөөчүлүктүн духунда тарбиялоо боюнча көп иш жүргүзүлдү.


Эл чарбасындагы адистердин составы барган сайын интернационалдашып жаткан азыркы шарттарда республикалардын ортосунда кадр алмашуу олуттуу маанинге ээ болууда. Бул процесс барган сайын дайыма кеңейип жатат. Кыргызстанга башка союздук республикалардан жыл сайын жогорку жана атайын орто окуу жайларын бүткөн печендеген адистер келет. Ошол эле мезгилде жыл сайын Кыргызстандын окуу жайларынын көптөгөн бүтүрүүчүлөрү башка республикаларга жиберилет. Мисалы, 1960—79-жылдары эле Кыргызстанга 15 миңдей жогорку жана орто билимдүү адис келип, 4 миңге жакын адис республикадан тыш жакка жөнөтүлгөн. Бул фактылар партиянын лениндик улут саясатын ыраттуулук менен изден тайбай иш жүзүнө ашыруунун, Советтер Союзунун элдеринин чыныгы теңдигинин жана бузулбас достугунун айкын көрүнүшү болуп саналат.

Азыр, партия эң маанилүү тарыхый милдетти — илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыктары менен органикалык түрдө айкалыштыруу милдетин коюп жана чечип жаткан кезде, аны иш жүзүнө ийгиликтүү ашыруу көбүнчө эл чарбасындагы, илимдеги жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматкерлердин илимий-техникалык жагынан кандай деңгээлде даярдалышына, башкаруунун азыркы ыкмаларына кандай деңгээлде ээ болушуна, социалисттик өндүрүштүн объективдүү закон ченемдүүлүктөрүн канчалык терең билишине байланыштуу болот. В. И. Ленин, бизге «...башкаруу үчүн жөндөмдүү болуу керек экендигин, өндүрүштүн бардык шарттарын толугу менен жана так билүү керек экендигин, бул өндүрүштүн азыркы замандын даражасындагы техникасын билүү керек экендигин, белгилүү илимий деңгээлге ээ болуу керек экендигин» үйрөткөн (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 30-том, 482-б.). Биздин өлкө эмгекчилердин кеңири массаларынын маданияты жана билимдүүлүгү жагынан жогорку деңгээлге жетти. 1970-ж. өлкөнүн иштеген ар миң адамына шаарларда жогорку жана орто (толук жана толук эмес) билимдүү 748, кыштак жерлеринде 499 адам туура келген. 1979-ж. бул көрсөткүчтөр шаарларда 863, кыштак жерлеринде 693 адамга жеткен. Ушундай эле өзгөрүштөр Кыргызстанга да мүнөздүү. 1970-ж. республиканын шаардык калкынын ар миңинен 740, айыл-кыштак калкынын ар миңинен 569 адам, ал эми 1979-ж. шаардыктардан 861, айыл-кыштактыктардан 760 адам жогорку жана орто билимдүү болгон.

Социализм кыргыз элинин таланты менен чыгармачыл күчүн кеңири даңазалады. Кыргыз элинин мазмуну жана башкы өнүгүү багыты боюнча социалисттик, формасы боюнча улуттук жана духу менен мүнөзү боюнча интернационалдык маданияты эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүү ишинде партиянын эң маанилүү каражаты катары кызмат кылууда. Кыргызстандын жазуучулары, сүрөтчүлөрү, композиторлору, кинематографисттери жана театр ишмерлери совет адамдарынын эмгек жеңиштерин, алардын рухий дүйнөсүн коммунисттик партиялуулуктун жана идеялуулуктун позициясынан чагылдырган кыйла чыгармаларды жаратышты. Адабият менен искусствонун көптөгөн чыгармалары республикадан сыртқары жерлерге белгилүү. Кыргызстандын адабияты менен искусство ишмерлеринин эң сонун жетишкендиктери бүткүл советтик көп улуттуу маданияттын жеңиштери менен тыгыз байланыштуу. Алар өз ийгиликтери үчүн боордош элдердин, баарыдан мурда улуу орус элинин таланттуу чеберлеринин жемиштүү таалим-тарбиясына милдеттүү. Бир тууган элдердин мыкты салттарын жана жетишкендиктерин өздөштүрүү менен бирге кыргыз адабияты жана искусствосу советтик көп улуттуу социалисттик маданий казынага өзүнүн татыктуу үлүшүн кошуп жатат. «Искусство фольклордон башталат,— деп айткан Максим Горький,— өз элиңердин фольклорун жыйнагыла, андан үйрөнгүлө, аны менен иштегиле». Республикада бул осуят бекем сакталып, аткарылып жатат. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурасына зор камкордук көрүлүүдө. Акындар, ырчылар, манасчылар ж. б. оозеки поэтикалык чыгармачылыкты сактап жана уланып келишкен. Алар макал-ылакап, эпос, жомок, уламыш ж. б. аркылуу элдин бийик поэзиясын жана акылмандыгын биздин күндөргө чейин жеткирди. Эл чыгармачылыгынын материалдарын (макал-ылакап, табышмак д. у. с.) жыйноо үчүн кызыл чайканалар, кызыл үйлөр, дыйкан үйлөрү (мейманкана), мектептер кеңири пайдаланылып, бул ишке каникулга чыккан студенттер да тартылган. 1928-ж. эле 30 басма табак эл чыгармасы жыйналып, басмадан чыгарылган. Бул иш азыр да улантылууда. 1938-ж. февралда акындар, ырчылар, манасчылар, акын-котормочулар менен биргелешип, Москванын коомчулугун биринчи жолу өздөрүнүн адабий чыгармачылыгы менен кеңири тааныштырган. Кыргыз совет адабиятын өнүктүрүүдөгү жана улуттук театр искусствосун түзүүдөгү ийгиликтери үчүн



СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин Кыргыз ССРине Октябрь революциясы орденин тапшырууда. 1974.












Кыргызстан Коммунисттик партиясы. 1. Кыргызстан КПнин XII съезди. Заседание залы. 1961. 2. Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т. Усубалиевдин Кыргызстан Коммунисттик партиясынын XVII съездинде чыгып сүйлөшү. 3. Кыргызстандын делегаттары КПССтин XXVI съездинде. 4. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын XVII съездинин заседаниеси.











Тарых. 1. Кыргыз ССР Жог. Советинин 10-чакырылышынын 1-сессиясы. Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т. У. Усубалиев сүйлөп жатат. 2. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 9-чакырылышынын 12-сессиясынын заседаниеси. 3. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттарынын тобу сессияда. 4. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттары М. Кадыров, К. Мукашева, О. Мамбетакунов, К. Сулайманова. 5. Тоодогу шайлоо.



Басма сөз. 1. Республикалык газеталар. 2. Областтык газеталар. 3. Райондук газеталар. 4. Республикалык журналдар.

республиканын 10 жазуучусу Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланган.

Кыргыздын жаш адабиятынын өнүгүшүнүн алгачкы этабында анын негизги жанры поэзия болгон. Проза, драматургия, адабий сын, көркөмө акыркылык менен өздөштүрүлгөн. Жарым кылымдан саал эле ашык убакыттын ичинде республикада профессионал акындардын, прозачылардын жана драматургдардын чоң отряды өсүп чыкты. Көптөгөн кыргыз жазуучуларынын чыгармалары биздин өлкөдө жана анын чегинен сыртка-ры алыска маалым. Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз ССРинин эл акыны Аалы Токомбаевдин чыгармалары Советтер Союзунун жана чет өлкөлөрдүн ондогон элдеринин тилдерине которулган. Социалисттик Эмгектин Баатыры, Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы өзгөчө кеңири таанылып, анын чыгармалары өзүнүн поэтикалуулугу, терең психологизми, гуманизми жана интернационализми менен өзгөчөлөнөт. Кыргыз жазуучулары өз чыгармаларында биздин өлкөнүн элдеринин достугун жана боордоштугун дацазалап, советтик түзүлүш, ленин-дик партия тарбиялаган патриот жана интернационалчы адамды бүт турпаты менен даана көрсөтүүгө умтулушууда.

Кыргызстанда көркөм котормону өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге жетишилди. Мыкты котормолор окурмандардын кеңири чөйрөсүнө, түрдүү улуттар менен элдердин карым-катнашына жол ачат. Дүйнөлүк, орустун классикалык жана совет адабиятынын чыгармаларын которуп жатышкан котормочулардын адис отряды ийгиликтүү иштеп жатат. Совет бийлигинин жылдары ичинде андай чыгармалар кыргыз тилинде 600дөн ашык жолу басылып чыкты. Азыр кыргыздар Марксты, Энгельстин, Ленинди чыгармаларын, Коммунисттик партиянын жетекчилеринин эмгектерин өз эне тилинде окушат. Пушкин, Гоголь, Толстой, Тургенев, Чехов, Горький, Маяковский, Шевченко, Абай, Навои, Айни, Бальзак, Гёте, Шекспир, Драйзер ж. б. классиктердин чыгармалары кыргыз тилинде жарык көрүп, ата мекендик жана чет элдик азыркы жазуучулардын мыкты чыгармалары басылып чыгып жатат. Ошондой эле Совет бийлигинин тушунда кыргыз авторлорунун 450дөй китеби орус тилине которулуп басылды. Кыргыз жазуучуларынын 250дөн ашуун китеби орус тили аркылуу биздин өлкөнүн бир тууган элдеринин тилдерине жана чет элдердин тилдерине которулуп, кыргыз драматургдарынын пьесалары Советтер Союзунун 87 театрынын сахнасында коюлду.

Кыргыз сүрөт искусствосу бир кыйла чыгармачылык ийгиликтерге жетишти. СССРдин эл сүрөтчүсү, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты С. А. Чуйковдун, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин эл сүрөтчүсү, СССРдин сүрөт академиясынын анык мүчөсү Г. Айтиевдин, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Л. А. Ильинанын, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү О. М. Мануйлованын, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү, Ленин-дик сыйлыктын лауреаты Т. Садыковдун эмгектери республикада гана эмес, андан сыртқары жерлерде да кеңири белгилүү.

Совет бийлигинин учурунда республикада азыркы профессионалдуу театр түзүлүп, актёрлордун таланттуу кадрлары өсүп чыкты. 1926-ж. Фрунзе шаарында биринчи кыргыз театр студиясы ачылып, ал 5 жылдан кийин Кыргыз мамлекеттик театрына айландырылган. Ал кезде аның сахнасында орус классиктеринин кыргыз тилине которулган чыгармалары, ошондой эле кыргыз авторлорунун алгачкы пьесалары да ийгиликтүү коюлган. 1939-ж. театрдын сахнасынан кыргыздын «Айчүрөк» аттуу улуттук түңгүч операсы жаңырып, ал 1939-ж. май — июнда Москвада кыргыз искусствосунун он күндүгү өтүп жаткан убакта көрүүчүлөргө жылуу пикир калтырган. Москвадагы он күндүк кыргыз элинин жетишкендиктеринин алгачкы чоң кароосу болуу менен, анын маданиятынын ажайып гүлдөгөндүгүн көрсөттү. Республикада Ленин ордендүү Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театры, Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театры, Ош, Нарын, Пржевальскиде музыкалуу драма театрлары иштейт. Кыргыздын улуттук драма искусствосунун калыптанышында жана өнүгүшүндө өзгөчө зор роль ойногон Н. К. Крупская атындагы мамлекеттик орус драма театрынын 40 жылдыгы 1976-ж. республикада кеңири белгиленди. Ушул датага байланыштуу жана советтик театр искусствосун өнүктүрүүдө зор эмгек сиңиргендиги үчүн театр Эл Достугу ордени менен сыйланды.

Кыргыз кинематографисттери түзгөн фильмдер бүткүл союздук жана эл аралык конкурстар менен фестивалдарда жогору бааланып, жалпы союздук маданиятты өнүктүрүүгө салым болуп жатат. Кыргыз кинематографиясынын калыптанышы менен гүлдөшүнө «Мосфильм» жана «Ленфильм» коллективдеринин бир туугандык жардамы, ошондой эле чыгармачыл кызматташтыгы көмөк берди.

Кыргыз адабиятынын жана искусствосунун боордош республикалардын маданияты менен интернационалдык байланышы жылдан жылга күчөп, кеңейип баратат. Республикалардын ортосунда маданий байланышты чыңдоо, рухий байлыктарды алмашуу жана аны менен бирин бири байытуу эмгекчилерди интернационалдык жактан тарбиялоодо зор мааниге ээ. Бул максатта, асыресе, боордош элдердин адабияты менен искусствосунун салтка айланган күндөрү жана жумалыктары, сүрөт көргөзмөлөрүн, спектаклдерди, телекөрсөтүүлөрдү жана радио берүүлөрдү алмашуу кеңири пайдаланылат. Ар кайсы мезгилде республикада орус адабиятынын он күндүгү, Украинанын, Өзбекстандын, Түркменстандын, Тажикстандын жана Латвиянын адабияты менен искусствосунун күндөрү өтө ийгиликтүү өттү. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгына арналган «Ала-Тоо жазы» фестивалы достуктун массалык майрамына айланды. Москва, Ленинград, Россия Федерациясы, Украина, Белоруссия, Өзбекстан, Казакстан, Грузия, Азербайжан, Литва, Молдавия, Латвия, Түркменстан, Тажикстан, Армения, Эстониянын 20дай чыгармачыл коллективи, 500дөн ашык артисти театрларда, клубдарда, маданият үйлөрүндө, жайкы ачык сахналарда оюн көрсөтүшкөн. Рухий байлыктарды алмашуунун жана алар менен бирин бири байытуунун күчөтүүдө Кыргыз ССРинде 1975-ж. сентябрда өткөн совет адабиятынын Күндөрү чоң мааниге ээ болду. Аға Москва менен Ленинграддын, бардык бир тууган союздук республикалардын жазуучулары, акындары, драматургдары катышты. Көркөм сөздүн таланттуу чеберлеринен мындай барандуу делегациясы Кыргызстанда биринчи жолу болду.

Фрунзе шаарында 1976-ж. апрелде өткөн Бүткүл союздук 9-кинофестиваль биздин өлкөнүн боордош республикаларынын чыгармачылык байланышын кыйла кеңейтип, алардын маданиятынын улам өз ара байышына жана бирине бири таасир тийгизишине түрткү берди. Ага 400дөн ашуун кино чеберлери, экрандын көрүнүктүү артисттери, ошондой эле социалисттик өлкөлөрдүн кинематографиясынын өкүлдөрү катышты. 39 киностудия 132 фильмин конкурска сунуш кылды. Маданий жактан өз ара карым-катнаш ишинде союздук республикалардын көптөгөн театрдык жана концерттик коллективдеринин гастролдорунун маанисн чоң. Москванын М. Горький атындагы көркөм академиялык жана Маяковский атындагы академиялык театрлары сыяктуу коллективдеринин эстен кеткис гастролдору жумушчуларды, курулушчуларды, айыл чарбасынын, ошондой эле Кыргызстандын бүткүл эмгекчилерин эстетикалык зор кубанычка бөлөдү. Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР эл артисти И. А. Моисеевдин жетекчилиги менен СССР мамлекеттик элдик бий ансамблинин концерти республикада эки жолу зор

ийгилик менен өтүп, Ленинград, Киев, Минск, Ташкен, Алматы, Вильнюс, Тбилиси, Кишинёв, Ереван ж. б. көптөгөн шаарлардын искусство чеберлеринин өнөрлөрү кыргызстандык көрүүчүлөрдүн купулуна толду.

Ошондой эле Кыргызстандын жазуучуларынын, композиторлорунун, сүрөтчүлөрүнүн, кинематографисттеринин, сахна чеберлеринин социалисттик чындыкты, советтик турмуш образын, социалисттик интернационализм идеяларынын салтанат курушун бекемдеген мыкты чыгармаларын бүт өлкө билди. Бий ансамбли, элдик аспаптар оркестри, опера жана балет театры, драма театрлары жыл сайын боордош республикаларга гастролго барып турат. Совет бийлигине чейин профессионалдуу искусствону эч билбеген Кыргызстандын маданият өкүлдөрүнө Москва, Ленинград, Латвия, Литва, Эстония, Азербайжан, Грузия, Өзбекстан, Казакстандын, Урал менен Сибирдин өнөр жай борборлорунун, ошондой эле чет өлкөлөрдүн — ГДР, Франция, Бельгия, Швеция ж. б-лардын көрүүчүлөрү кол чабышты.

Совет бийлигинин жылдарында Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен, СССР илимдер академиясынын такай жардамына таянып, Кыргызстан өзүнүн илимпоз кадрларын тарбиялап өстүрдү. Советтик Кыргызстандын илими менен маданиятын өнүктүрүү үчүн көп күч-кубатын, билимин жумшаган академиктер А. П. Карпинский, В. Л. Комаров, А. Е. Ферсман, К. И. Скрябин, Д. И. Щербаков ж. б. советтик мыкты окумуштуулардын ысымдарын бизде терең ыраазычылык жана урмат менен аташат. Кыргыз ССР илимдер академиясы — өлкөдөгү эң жаш академиялардын бири, бирок партия менен мамлекеттин дайыма камкордугунун натыйжасында, боордош элдердин жардамы менен татыктуу илимий деңгээлге ээ болду. Республикалык академиянын составында 18 илимий мекеме бар; аларда 1500дөн ашык илимий кызматкер, анын ичинен илимдердин 600 доктору жана кандидаты иштейт. 56 академик жана корреспондент мүчө илимий изилдөөлөрдү жетектейт. Республикада илимдин негизги тармактарын камтыган фундаменттүү илимдер да, колдонмо илимдер да кеңири кулач жаюуда. Кыргыз окумуштуулары илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө жана азыркы илимдин жетишкендиктерин эл чарбасына жайылтууга маанилүү салым кошуп жатат. Алар өз күч-аракетин республиканын жаратылыш ресурстарынын өздөштүрүлүшүн жана экономикасынын уламдан улам өнүгүшүн багыттоочу илимий изилдөөлөрдүн эң маанилүү тармактарына топтоодо. Совет элдеринин бир тууган үй-бүлөсүндө орто кылымдык түзүлүштөн капитализмди аттап, өнүккөн социализмдин бийиктигине чейинки жолду басып өткөн Советтик Чыгыштагы элдердин улуттук интеллигенциясынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн бүткүл тарыхы социализмдин салтанат курушун, элдердин лениндик достугунун шыктандыруучу күчүн, жаңы коомду куруунун жалпы милдеттерин чечүүдөгү алардын өз ара ак ниет жардамдашуусун жана тыгыз кызматташтыгын даана көрсөтүп отурат.

Советтер Союзу — аялдарды азаттыкка чыгаруунун үлгүсүн көрсөткөн дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекет. Коммунисттик партия менен Совет мамлекетинин саясаты алгачкы күндөрдөн тартып аялдарды, аның ичинде кыргыз аялдарын, коомдук өндүрүшкө, мамлекетти башкарууга тартууга, алардын саясий жана маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган. Совет өкмөтүнүн аялдар эркиндиги жана теңдиги жөнүндө декреттери эмгекчилердин аң-сезиминде толук төңкөрүш жасап, тиричиликке, үй-бүлөгө, маданиятка терең өзгөрүүлөрдү киргизди. Кыргыз аялдарын азаттыкка чыгаруу боюнча кеңири чаралар иш жүзүнө ашырылып, айыл-кыштактарда аялдар клубдары, балдардын коомдук боз үйлөрү түзүлгөн. Никелешүү укугу ж-дөгү законду, калың, зордон күйөөго берүү, көп аял алуу ж. б. сыяктуу өткөндүн жийиркеничтүү саркындыларына каршы күрөшүү ж-дөгү закондорду жүзөгө ашыруу зор мааниге ээ болду. Партия менен мамлекет ошондой эле аялдардын үй тиричилигиндеги жумушун ар тараптан жеңилдетүү жөнүндө камкордук көрүп, балдар мекемелеринин, ашканалардын, кир жуучу жайлардын кеңири тармагын түздү. Аялдарды коомдук өндүрүшкө катыштыруруга жана мамлекетти башкарууга мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу жөнүндөгү лениндик осуят ишке ийгиликтүү ашырылды. Азыр кыргыз аялдары — чыныгы эркин жана тең укуктуу, коммунисттик курулуштун активдүү катышуучулары. Алар республиканын экономикасы менен маданиятында көптөгөн чечүүчү позицияларды эзелтеден, чарбалык, мамлекеттик жана партиялык жооптуу кызматтарда иштейт. Республиканын өнөр жайында иштеген бардык адамдардын 52%ин, айыл чарбасында 41%ин аялдар түзөндүгүн айтсак эле болот. Алар саламаттык сактоодо 80%, элге билим берүү менен маданиятта 67%, байланышта 63%ти түзөт. Республиканын эл чарбасында иштеген жогорку жана орто билимдүү адистердин 58% аялдарга туура келет. Эл чарбасын жана маданиятын өнүктүрүүгө зор салым кошкондугу үчүн республикада 12 миңден ашык аял Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланып, алардын эң мыктылары — 74үү Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Кызылчачылардын, чабандардын, саанчылардын, машина менен пахта жыйноо устаттарынын күжүрмөн эмгеги жалпы элге маалым. Илим, маданият, искусствону өнүктүрүүдө аялдардын ролу зор. Республикада аялдардан илимдин 925 доктору жана кандидаты бар. Кыргызстан балдардын бир кыйла көп төрөлүшү жана үй-бүлөнүн бир аз чоң болушу менен айырмаланат. Калктын табигый өсүшү 1000 адамга эсептегенде союздук орточо деңгээлден 2,7 эсе көптүк кылат. Ушуга байланыштуу эне менен баланын ден соолугуна кам-кордук көрүү биринчи орунга коюлат. Мисалы, 1924-ж. республикада 75 гана врач болсо, 1981-ж. алардын саны 11,2 миңге чейин көбөйгөн. Медициналык орто билимдүү кызматкерлердин саны 1981-ж. 32,7 миңге жеткен. Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда жалпы өлүм-житим 5 эсече азайып, ал эми өмүрдүн узактыгы революцияга чейинки мезгилге салыштырганда бүт союздагыдай эле эки эсе узарды. Республикада 1944-жылдын июлунан 1979-жылга чейинки мезгилде 10 жана андан көп бала төрөп тарбиялаган 17670тен ашык алл «Баатыр эне» деген ардактуу наамга татыктуу болуп, 166884ү «Энелик даңк» ордендери, 306682си «Энелик медаль» менен сыйланган.

Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү ар бир үй-бүлө мыкты жана ооматтуу жашашы үчүн көп нерсени иштеп жатат. Буга эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын жыйынтыкталган көрсөткүчү катарындагы улуттук кирешенин өсүшү далил. Кыргызстанда керектөөгө жана топтомго жумшалуучу улуттук кирешенин республиканын калкынын өсүшүнө караганда тезирээк темп менен арбыды, 1970—79-ж. Кыргыз ССРинин калкы 20%ке көбөйсө, пайдаланылган улуттук кирешенин 47%ке, ал эми андагы керектөө фонду 64%ке өстү. Эмгекчилердин кирешелеринде керектөөнүн коомдук фондусу кыйла үлүштү ээлейт. Бул фондудан республиканын калкы 10-бен жылдыкта 4 млрддан ашуун сомдук түрдүү төлөмдөрдү жана жеңилдиктерди алды. Буга акысыз окутуу, саламаттык сактоо, дене тарбия, социалдык камсыздоо, камсыздандыруу, турак жай фондусун тейлөө, отпуск үчүн төлөө сыяктууларга сарпталуучу мамлекеттик чыгымдар кирет. Төлөмдөр менен жеңилдиктерди кошо эсептегенде жумушчулардын жана кызматчылардын орточо айлык акысы 1975-жылдагы 188 сомдун ордуна 1980-ж. 209 сомдон айланды. Киши башына эсептегенде бир жылдын ичинде пакта чилерге өнөр жай жана азык-түлүк товарларын мурдагыга караганда кыйла арбын сатып алууга, жакшы кийинүүгө, жакшы тамактанууга мүмкүндүк берди. Мамлекеттик жана кооперация соодасынын чекене товар жүгүртүүсү 1981-ж. 2,8 млрд сомго жетип, 1975-жылдагыдан 33% көбөйдү. Республиканын шаарларын, өзгөчө айыл-кыштактарын абаттоо да олуттуу маселе болуп саналат. Эзелтен бери Орто Азия кыштактарына мүнөздүү болгон жепирейген жер тамдардын ордуна азыркы заңгыраган үйлөр салынып, пландуу жайгаштырылган көптөгөн жаңы абатталган айыл-кыштактар пайда болду. Кыштактардын көбүндө суу жүргүч, электр, газ, телевизор кадыресе эле нерсе болуп калды. 1970-ж. республикалык активдин чогулушунда сүйлөнгөн сөздөрдө биздин айыл-кыштактар кийинки мезгилдерде жетишкен ийгиликтери жөнүндө жылуу пикирлер айтылып кеткен. 10-бен жылдыктын ичинде гана республиканын шаарлары менен кыштактарында 500 миңдей адам жаңы үйгө кирген же турак жай шартын жакшырткан. Кыргызстан КП БК менен республиканын Министрлер Советинин токтомуна ылайык айыл-кыштактарды прилештирүүнү, калкты майда айылдардан азыркы ири кыштактарга көчүрүүнү ишке ашыруу чоң мааниге ээ болууда. 1980-жылдын 1-январындагы маалыматка караганда 8 шаарда, 38 шаар тибиндеги посёлкада жана райондук борборлордо, колхоздор менен совхоздордун 278 борбордук чарбагында курулуш иштери башкы план боюнча жүргүзүлүүдө.

Совет элинин тарыхый жеңиштеринин баары лениндик партиябыздын көп кырдуу, чыныгы зор саясий жана уюштуруучулук ишине тыгыз байланыштуу. Эски коомдук мамилелерди революциялык жол менен жоюу мезгилинде Кыргызстандын аймагында пайда болгон партиялык уюмдар КПСС Борбордук Комитетинин жетекчилиги менен чоң жана даңктуу жолду басып өттү. КПССтин ажырагыс составдык бөлүгү болгон Кыргызстан Компартиясы бүткүл партия менен бирге өсүп-өнүгүп отурду. Мында жергиликтүү бөтөнчө шартта иштегендигине байланыштуу аның жекече өзгөчөлүктөрү да болду. Большевиктик топтордун жетекчилиги менен Кыргызстандын аймагында Убактылуу өкмөттүн органдарын кулатуу, Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттар советтеринин бийлигин орнотуу жүзөгө ашырылган. Ал кезде крайда өнөр жай пролетариаты жокко тете эле. Мындай шарттарда жергиликтүү партиялык уюмдар көбүнчө айылдык кедейлердин ж. б. жарым пролетариат калктын эсебинен өстү. Мындагы дагы бир бөтөнчө кыйынчылык — крайдын партиялык уюмдарынын өз катарларын чыңдоо менен бирге партиянын мүчөлөрүнүн жана кандидаттарынын көпчүлүгүнүн сабатсыздыгын жана чала сабатсыздыгын жоюу боюнча зор иш жүргүзүүнүндө жана аларды партиялык турмуштун лениндик нормаларын өздөштүрүшүнө жетишүүдө болду. 1925-ж. мартта РКП(б) Орто Азия бюросунун өкүлүнүн Кыргыз областтык 1-партконференциясында жасаган докладында коммунисттердин 80% окуй да, жаза да албагандыгы белгиленген. 1927-ж. коммунисттердин 44% сабатсыз болгон. Партиялык үчүнчү конференция ушуну эске алып, партиянын мүчөлөрүнүн арасында сабатсыздыкты жоюу ишин эң негизги маселе катары койгон.

Кыргызстан Коммунисттик партиясы уюштулган жылы анда 3 миңдей коммунист болгон. 1983-ж. республикалык партиялык уюмда 135 миңден ашык коммунист болуп, аның 86 миңден көбү материалдык өндүрүш чөйрөсүндө иштеген. Коммунисттердин билим деңгээли, профессионалдык даярдыгы артууда. 1983-ж. 1-январга карата республиканын коммунисттеринин 74,7% жогорку, толук эмес жогорку жана орто билимдүү болгон. Эң көп сандаган партиялык активдердин отряддарынын составынын сапаты жакшырууда: партиялык баштапкы уюмдардын секретарларынын 99,2%, цехтик партуюмдардын секретарларынын 96,8% жогорку жана орто билимдүү, алардын 62,4% өнөр жайынын, айыл чарбасынын, эл чарбасынын башка тармактарынын адистери. Кыргызстан Компартиясы уюмдашуу жана идеялык-саясий жактан барган сайын чыңдалып, ар бир партиялык комитеттин, партиялык баштапкы уюмдун чыгармачылык менен иштеши, эл менен байланышынын ар тараптан бекемделиши үчүн, коммунисттик курулуштун милдеттерин ийгиликтүү орундатууга элдин саясий жана иштеги активдүүлүгүн билгичтик менен багыттап турушу үчүн дайыма умтулуп келе жатат. Кыргызстандын партиялык уюмунда жумушчу табы башкы орунду ээлейт. 1966—70-ж. республикада КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган кандидаттардын ичинен жумушчулар 43,2%ти түзгөн, ал эми 1970—75-ж. жумушчулар партияга бардык кабыл алынгандардын 49,2%ин, 1982-ж. 55,9%ин түзгөн. 1983-ж. 1-январда республикалык партиялык уюмдун социалдык составы төмөндөгүдөй болгон: жумушчулар 39.7%, дыйкандар 20,9%, кызматкерлер ж. б. 39,4%. Партияга кабыл алынгандардын арасында аялдардын саны көбөйүүдө. Мисалы, 1952—55-жылдарда аялдар КПССке кандидаттыкка кабыл алынгандардын жалпы санынын 21,9%ин, 1971—75-ж. 38,1%ин, ал эми 1982-ж. 42,5%ин түзгөн. Эгерде 1926-жылдын башында Кыргызстанда 196 гана аял коммунист болуп, партиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын 4,8%ин түзсө, 1983-ж. 1-январда алар 38 453кө же 28,4%ке жеткен. Бул республиканын коомдук-саясий турмушунда, чарбалык жана маданий курулушунда аялдардын ролу дайыма күчөп жаткандыгын далилдейт. Биздин жаштардын алдыңкы отряды — комсомол партиянын ишенимдүү жардамчысы жана резерви болуп саналат. Республиканын комсомол уюмунун катарында 1981-ж. 500 миңден ашык улан-кыз болгон. Республиканын партиялык уюму өзүнүн составы жагынан терең интернационалдуу. Анда 73 улуттун мыкты өкүлдөрү: кыргыз, орус, украин, өзбек, казак, тажик, белорус, азербайжан, молдаван, армян, грузин, латыш, түркмөн, эстон, татар ж. б. улуттардын өкүлдөрү бар. Алардын баары бир үй-бүлөдөй ынтымактуу жашап, биздин жалпы максатты жүзөгө ашыруу үчүн эмгектенип жатат.

КПСС БКнын 1976-ж. сентябрда Кыргызстан КП БКнын отчету боюнча кабыл алган «Партияга кабыл алуу жана КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо боюнча Кыргызстандын партиялык уюмдарынын иши жөнүндөгү» токтому зор мааниге ээ болду. Анда партияга кабыл алуу жана жаш коммунисттерди тарбиялоо боюнча республикалык партиялык уюмдун иши ар тараптан терең талдоого алынып, бул иште кетирилген кемчиликтерге принциптүү сын берилип, партиянын катарын мындан ары да идеялык-саясий жана уюмдаштыруу жактан чыңдоонун конкреттүү ыкмалары менен методдору көрсөтүлгөн. КПСС БКнын токтому республикалык партиялык уюмдун ролу менен беделин дагы көтөрүүгө, аның уюштуруучулук жана идеялык-саясий ишин өркүндөтүүгө көмөк берет. Бул документ партиянын катарынын сапаттык составын дайыма жакшыртуу, коммунисттик курулуштун милдеттерин чечүүдө алардын ролун көтөрүү жөнүндөгү, боордош башка республикалар сыяктуу эле Советтик Кыргызстандын экономикасы менен маданиятынын андан ары гүлдөшү жөнүндөгү КПСС БКнын лениндик камкордугуна толгон.

Биздин партиянын күжүрмөн штабы — лениндик Борбордук Комитет өзүнүн көп кырдуу ишинде ар дайым жергиликтүү партиялык уюмдарга таянат. Л. И. Брежнев 1970-ж. сентябрда Кыргызстанга келген кезинде республикалык партиялык активдин чогулушунда: «Биздин күчүбүз, жолдоштор, Борбордук Комитет, Саясий бюро сиздердин республиканын коммунисттерине, сиздердин партиялык уюмга, сиздердин Борбордук Комитетке, сиздердин бардык партиялык органдарга чексиз ишенгендигинде болуп олтурат. Ошондой эле, сиздер да Борбордук Комитетке чексиз берилгенсиздер. Бул эки факторсуз партиянын эч бир отряды азыркыдай күч боло албайт»,— деген.

Кыргызстандын Компартиясынын 17-съезди республиканын коммунисттери лениндик партиянын күжүрмөн штабына чексиз берилгендигин, КПСС Борбордук Комитетинин айланасына тыгыз баш кошкондугун дагы бир ирет айкын көрсөттү. КПССтин 26-съезди, бүткүл совет адамдарындай эле Кыргызстандын эмгекчилеринде да эң күчтүү чыгармачылык дем берди. Анын тарыхый чечимдери он биринчи беш жылдыктагы коммунисттик курулуштун зор перспективаларын ачып, шаар менен айыл-кыштак эмгекчилерин коммунисттик курулуштун азыркы этабындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн белгиленген программасын ийгиликтүү жүзөгө ашырууга шыктандырат.


Азыр кыргыз эли өзүнүн улуттук социалисттик мамлекеттүүлүгүнө ээ болуп, жеңген социализмдин бардык жемишинен кенен пайдаланып, совет элдеринин бир туугап үй-бүлөсүндө коммунизмди ийгиликтүү курап жаткандыгы үчүн, ошондой эле бүгүнкү Кыргызстан азыркы замандагы индустриялуу республика болуп, анын заводдору менен фабрикаларынын өнөр жай продукциясы дүйнөнүн ондогон өлкөсүнө чыгарылып жаткандыгы үчүн, жогорку механикалаштырылган социалисттик дыйканчылык жана мал чарба республикасы болгондугу үчүн кыргыз эли Улуу Октябрга, даанышман көсөмүбүз жана окутуучубуз Ленинге, дацктуу Коммунисттик партияга чексиз милдеттүү. Бүгүнкү күндө кыргыз элинин улуттук социалисттик маданияты дүркүрөп гүлдөп өсүп, Кыргызстан билимдин, илимдин жана маданияттын өнүгүү деңгээли боюнча Чыгыштагы чет өлкөлөрдү гана эмес, Европанын көптөгөн капиталисттик өлкөлөрүнөн да озуп кетип, бүгүнкү күндө кыргыз элинин турмушу жогорку деңгээлге жетип, республикада жакы адамдар — өзүнүн социалисттик Мекенинин эркин жана ар-намыстуу патриотору, чыныгы интернационалисттери, коммунизмдин активдүү курууучулары өсүп чыккандыгы үчүн кыргыз эли Совет бийлигине көптөн көп милдеттүү.

Кыргыз эли биздин социалисттик улуу Мекенибиздин бардык элдерин өз бир тууганы катары чын ыкласы менен урматтайт. Бардык элдер менен, баарыдан мурда улуу орус эли менен ынтымакта жашоо аркасында гана мындан да сонун келечекти озунө камсыз кыларын ал жакшы билет. Элдердин достугу коммунизмди карай бараткан совет элдеринин жеңиштүү жүрүшүнүн соолбос булагы болгон, болуп жатат жана дайыма боло берет. «Улуттарды жана элдерди ар тараптан онүктүрүү үчүн эң кыска мөөнөттүн ичинде ушунчалык көп иштерди жүргүзгөн биздин бардык элдеribиздин социалисттик Ата Мекени — СССР сыяктуу мамлекет тарыхта болуп көргөн эмес» («Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгы жөнүндө». КПСС Борбордук Комитетинин 1982-жылдын 19-февралындагы токтому, Фр., 1982, 5-б.).

Совет бийлигинин жылдары кыргыз элинин турмушунда чыныгы залкар доор болду. Тарыхта ушундай кыска мезгилдин ичинде элибиздин жетишкендиктери өз масштабы жана мазмуну боюнча анын буга чейинки көп кылымдык тарыхындагы ээ болгондору менен эч салыштыргыс зор. Бул жетишкендиктерге биз законду түрдө сыймыктанабыз. Ошону менен бирге, кыргыз эли ал жетишкендиктер мурдагы Россия империясынын зор аймагында Улуу Октябрь социалисттик революциясы жеңгендигинин натыйжасында гана, Лениндин дацктуу Коммунисттик партиясынын акылман жетекчилиги жана улуу орус эли менен өлкөнүн бардык боордош элдеринин жардамы аркасында гана мүмкүн болуп олтургандыгын унуткан эмес жана эч качан унутпайт.

Т. Усубалиев

ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ



Республиканын аймагынын макет-картасы.
Тянь-Шанда.



Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы — республиканын жумушчуларынын, дыйкандарынын ж-а интеллигенциясынын суверендүү соц. мамлекети. Улуу Октябрь соц. рев-ясынын жеңишинин ж-а О. Азиянын улуттук-мамл. болуңушунун натыйжасында түзүлгөн. Кыргыз ССРи — Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун тең укуктуу мүчөсү. Кыргыз ССРинин азыркы Конституциясы 9-шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз чакырылган 8-сессиясында (1978) кабыл алынган. Кыргыз ССРинин мамл. герби, желеги ж-а гимни бар. Советтик Кыргызстандын борбору — Фрунзе ш. Республиканын жогорку мамл. бийлик органы ж-а бирден бир закон чыгаруучу органы — Кыргыз ССР Жогорку Совети. Жогорку аткаруучу ж-а тескөөчү мамл. бийлик органы — Кыргыз ССР Министрлер Совети. Мамл. бийликтин жерг. органдары — областтык, райондук, шаардык, посёлкалык ж-а айылдык Эл депутаттар совети.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын составдык бөлүгү — Кыргызстан Коммунисттик партиясы Кыргыз ССРинде коомдун жетектөөчү ж-а багыттоочу күчү болуп эсептелет. Кыргызстан КПнин катарында 1981-ж. 1-январда 120 098 КПСС мүчөсү, 6304 мүчөлүккө кандидат болгон. Респ-канын мамл., чарб. ж-а маданий курулушундагы маселелерди чечүүдө коомдук уюмдар — профессиялык союздар, комсомол, кооперация бирикмелери, спорттук ж-а чыгармачыл уюмдар маанилүү роль ойнойт. Респ-кадагы өтө массалык коомдук уюмдарга Кыргызстандын профессиялык союзу (1981-ж. 1344 миң мүчөсү болгон), Кыргызстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу (517 818 мүчөсү) кирет.

Кыргыз ССРи О. Азиянын түн.-чыгышын ээлеп, негизинен Сов. Тянь-Шанда жайгашкан. Кыргызстандын чек арасы көбүнчө табигый чектер — бийик тоолордун кыры ж-а суулар, бир аз гана жери Чүй, Талас ж-а Фергана өрөөндөрү аркылуу өтөт. Түндүгүнөн Казак ССРи, батышынан Өзбек ССРи, түш.-батышынан Тажик ССРи, түш.-чыгышынан Кытай м-н чектешет. Кыргызстандын аймагы батыштан чыгышка 900 *км*ге, түндүктөн түштүккө 410 *км*ге созулат; болжол м-н 39° ж-а 43° түн. кеңдиктердин ортосунда жатат. Кыргыз ССРинин аянты 198,5 миң *км*². Калкы 3 653 миң киши (1980-ж. 1-янв.). Деңиз деңгээлинен орт. бийиктиги 2 750 *м*, эң бийик жери 7 439 *м* (Жеңиш чокусу), эң жапызы 394 *м* (респ-канын түш.-батышында). Кыргызстандын рельефи көбүнчө тоолуу. Түстүү ж-а сейрек металлдар рудасына, көмүр ж. б. кендерге бай. Климаты континенттик. Дарыялары негизинен Сыр-Дарыянын системасына кирип (эң ириси — Нарын), суу энергиясына бай, сугатка кеңири пайдаланылат. Көлү көп, эң чоңу — Ысык-Көл. Тоо этегиндеги түздүктөрдө чөл ж-а жарым чөл, тоолордо тоолуу-талаа, токой, бийик тоолуу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өсөт.

Соц. курулуш жылдарында Сов. Кыргызстан а. ч. мыкты өнүккөн индустриялуу-агрардык өлкөгө айланды. Кыргызстан ө. ж. продукциясын чыгаруу темпи б-ча союздаш респ-калар арасында алдыңкы орундардын бирин эзлейт (респ-канын экономикасы, маданияты ж-до к. томдун тийиштүү болуктөрүн). Кыргыз ССРинде 4 область, 18 шаар, 40 район (шаардык райондорду кошпогондо), 372 айыл совети, 31 ш. т. посёлка бар. Кыргыз ССРи эки Ленин ордени (1957, 1963), Эл Достугу (1972) ж-а Октябрь Революциясы (1974) ордендери м-н сыйланган.

О. Бараталиев

АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ

Азыркы Кыргызстандын аймагында жашап келген уруулардын, калктардын турган жерлери ж-догу маалыматтар жазма даректерде б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунан баштап эскерилет. Бирок ал даректердин толук эместигинен ар кайсы мезгилде Тянь-Шанда жашаган саясий бирикмелердин админ.-аймактык түзүлүшүнүн тарыхын так аныктоо мүмкүн болбой отурат. Ошондуктан сактардын мезгили (б. з. ч. 7—3-к.) тууралуу ачык-айкын бир нерсе айтуу кыйын. Кыргызстандын аймагынын көп бөлүгү сак-тиграхаудаларга, азыраагы (Фергана ойдуңунун чет-жакаларында) сак-хаумаваргаларга караган деп болжолдоого болот. Усун-

дардын мезгилинде (б. з. ч. 3-к.— б. з. 4-к.) Кыргызстандын аймагы бул өлкөнүн саясий жана комин. жактан өтө маанилүү болуктөрүнүн бири болгон (борбору Ысык-Көл өрөөнүндө жайгашкан). Анын маанилүү ролу Жети-Суунун ж-а ага чектеш өлкөлөрдүн тарыхында б. з. 6-к-ның акырынан баштап 600 жылдан ашуун убакка сакталган; ал учурда мында түрк уруулары ж-а элдери үстөмдүк абалды ээлеген. Түрк феодал кагандары кеңири аймакты Суяб, Баласагун, Өзгөн ж. б. борборлордон башкарышкан, өлкө удел-улус системасы б-ча урук-тукумуна жараша комин.-аймактык майда бөлүктөрго бөлүнгөн. Кыргызстандын аймагы монголдор үстөмдүү мезгилинде (13-к.— 14-к-дын 1-жарымы) Чагатай (Жагатай) улусунун составына, ал эми 14—16-к-да Тянь-Шань, Жунгар, Кашкар аймактарын ээлеген Моголстандын карамагына кирген.

Тянь-Шанда бирдиктүү кыргыз элинин калыптанышы (15-к.) ж-а Кыргыз хандыгынын түзүлүшү (15-к-дын 2-жарымы) тарыхый чоң окуя болуп, О. Азия м-н Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда маанилүү роль ойногон. Кыргыз хандыгы түндүктө Иле д. м-н Балкашка чейин, түштүктө Такла-Макан м-н Фергана өрөөнүнө чейин созулуп, чек арасы болжол м-н Нарын д. аркылуу өткөн 2 улустан турган. Хандык жоюлгандан кийин кыргыз уруулары өз өлкөсүнүн көз карандысыздыгы ж-а эркиндиги үчүн 17-к-дан 18-к-дын ортосуна чейин ойрот феодалдарына, 19-к-да Кокон баскынчыларына каршы узак мезгилдер бою күрөш жүргүзгөн. Жунгар башкаруучулары да, Кокон хандары да Кыргызстанда так уюшулган комин.-аймактык башкаруу системасын түзө алган эмес. Кыргызстандын түрдүү бөлүктөрү Кокон хандыгынын жанаша жаткан вилайеттерине — Анжиянга Алай чөлкөмү, Ички Тянь-Шань, Наманганга Кетмен-Төбө өрөөнү м-н Чаткалды камтыган Түп.-Батыш Кыргызстан, Коконго Фергананын түш. чет-жакасы, Хожентке Кожо-Бакырган, Исфана ж-а Ак-Суу сууларынын алабы, Ташкенге Талас, Ысык-Көл ж-а Чүй өрөөндөрү баш ийген. 19-к-дын 70-жылдарынын башында Кыргызстандын Фергана айланасындагы бөлүгү (азыркы Лейлек р-нунун аймагын кошпогондо) Кокон хандыгынын 13 бекчилиги (Араван, Анжиян, Булак-Башы, Касан, Маргалац, Махрам, Наманган, Чартак, Чимион) м-н серкерчилигине (Балыкчы, Ош, Сох, Өзгөн) бөлүнгөн. Ички, жерг. башкаруу уруулук мүнөздө болгон. Россияга кошулар алдында Кыргызстандын аймагы 20дан ашык ири урууга бөлүнгөн: адигине, багыш, бугу, жедигер, моңолдор, муңгуш, сарбагыш, саяк, солто, черик (оң канат), басыз, кушчу, кытай, мундуз, саруу (сол канат), бостон, кесек, ават, кыпчак, найман, нойгут, тейит (ичкилик).

Кыргызстандын Россиянын составына кошулушуна байланыштуу 19-к-дын 2-жарымында жалпы россиялык комин.-аймактык башкаруу системасы киргизилген. 19-к-дын 60-жылдарынан баштап азыркы Түп. ж-а Борб. Кыргызстандын аймагы Жети-Суу обл-на кошулган, ага Токмок (1891-жылдан Пишпек), Ысык-Көл (1889-жылдан Пржевальский) уезддери кирген. Талас өрөөнү, азыркы Панфилов р-ну ж-а Калинин р-нунун бир бөлүгү Сыр-Дарыя обл-ның Олуя-Ата уездине кирген. Түш. бөлүгү (азыркы Ош обл-ның аймагы) 1876-ж. Фергана обл-на караган. Бул область 7 уездден турган: Наманган, Чуст (кийинчерээк Наманган уездине кошулган), Анжиян, Ош, Маргалац (Скобелев), Кокон ж-а Исфара (кийинчерээк Кокон уезди м-н бириккен). Азыркы Лейлек р-нунун аймагы рев-яга чейин Самаркан обл-ның Хожент уездине киргизилген. Бардык 4 область тең Түркстан генерал-губернаторлугунун составында болгон. Уезддер болуштарга бөлүнгөн. 1913-ж. Пишпек уездинде 50, Пржевальскиде 33, Олуя-Атада 25 болуш болгон. Революцияга чейинки Кыргызстанда комин. система аскердик-элдик башкаруу деп аталган принципке негизделип, саясий мүнөздө болбогон иштерди башкаруу жерг. калктан «шайлангандарга» (манап, байлардан чыккан аксакал, бий, казыларга) берилген. Ал эми уезддер м-н областтардагы негизги бийлик аскердик администрациянын колунда болгон. Крайды башкаруу системасы ачыктан ачык аскердик-колониялык мүнөздө болгон.

Кыргызстан Совет бийлигинин алгачкы жылдарында РСФСРдин составындагы Түркстан АССРине кирген. 1924-ж. 14-октябрда ББАКтын 2-сессиясы РСФСРдин составында Кара-Кыргыз автономия областын түзүү ж-дө чечим кабыл алган. 1925-ж. 25-майда Кыргыз автономия области (КАО) болуп аталган. КАОнун составына Жети-Суу обл-ның Каракол, Нарын, Пишпек уезддери, Сыр-Дарыя обл-ндагы Олуя-Ата уездинин айрым болуштары (Талас өрөөнү), Фергана обл-ның Ош уезди, Анжиян, Наманган, Кокон уезддериндеги болуштардын көэ бир бөлүгү кирген. Кыргыз автономия области 4 округга (Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад) ж-а 75 болушка бөлүнгөн. Областта 6 шаар, 321 кыштак, 727 айыл, 5 хутор болгон. КАОнун аймагы 172 миң чарчы чакырым, калкы 737 миң киши болуп, анын 63,5%ин кыргыздар, 16,8%ин орустар, 15,4%ин өзбек, 4,3%ин башка улуттардын өкүлдөрү түзгөн. 1926-ж. декабрда 12-шайланган ББАКтын Президиуму КАОну Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикасы (Кыргыз АССРи) деп кайра түзүү ж-а РСФСРдин составында калтыруу тууралуу чечим чыгарып, аны 7 кантон, 52 болуш, 455 айыл советине бөлүү туура деп тапкан. Пишпек округунун аймагында Чүй ж-а Талас, Каракол-Нарын округунда Каракол ж-а Нарын кантондору түзүлүп, Ош ж-а Жалал-Абад округдары да кантон болуп аталган. Булардан башка 5 болушка ж-а 46 айыл советине бөлүнгөн Фрунзе кантону түзүлгөн.

Комин.-аймактык түзүлүш учурунда коңшу респ-калар ортосундагы чек ара да такталган. Алсак, Жалал-Абад кантонундагы негизинен өзбектер жашаган Айым болушу (көэ бир гана айыл советтеринен башкалары) Өзбекстанга, Өзбек ССРинин кыргыздар жашаган Исфана, Чап-Кудук ж-а Бакса-Исфана болуштары Кыргыз АССРине өткөн. 1928-ж. респ-када райондук системага өтүү башталган. Чүй кантону жоюлуп, Жалал-Абад м-н Ош кантондору Ош округуна бириккен. 1929-ж. Кыргызстан комин.-аймактык жактан Ош округуна (10 район), Талас, Фрунзе, Каракол ж-а Нарын кантондоруна бөлүнүп, алар 13 район, 29 болуш, 441 айыл совети, 7 шаардык, 2 посёлкалык советтерден турган. 1936-ж. декабрда Советтердин бүткүл союздук чукул чакырылган 8-съездинде кабыл алынган СССР Конституциясына ылайык Кыргыз АССРи 1936-ж. 5-декабрда союздаш соц. республика болуп кайра түзүлгөн. 1937-ж. 23-мартта Кыргыз ССР Советтеринин чукул чакырылган бүткүл кыргызстандык 5-съезди респ-канын Конституциясын талкуулап, кабыл алган. Анда респ-канын комин.-аймактык бөлүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү, мамл. герби м-н улуттук желеги бекилген.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму комин.-аймактык бөлүнүшү ж-а калк жашаган пункттардын статусу ж-дө бир катар указдарды кабыл алган. Мис., 1938-ж. 17-декабрдагы указ б-ча калк жашаган пункттар шаар ж-а айыл тибиндеги болуп 2 категорияга бөлүнгөн. Фрунзе, Токмок шаарлары респ-кага, Жалал-Абад, Каракол, Кызыл-Кыя, Ош шаарлары областка, Нарын, Өзгөн шаарлары районго баш ийген. 1939-ж. 31-майда Каракол Пржевальск шаары деп, 1940-ж. декабрда Кетмен-Төбө р-ну көрүнүктүү демократ акын ж-а композитор Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 75 жылдыгынын урматына Токтогул р-ну деп аталган. Кыргыз ССР БАКтын 1938-ж. 11-марттагы токтому б-ча Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалал-Абад ж-а Ош округдары түзүлүп, кийин СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-ж. 21-ноябрдагы указы м-н Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Тянь-Шань обл-тары болуп уюшулган. Комин.-аймактык жактан областтар төмөнкүчө бөлүнгөн: Фрунзе области — борбору Фрунзе шаары, шаарлары: Фрунзе, Токмок, райондору: Будённый, Ворошилов, Калинин, Кант, Кемин, Киров,

Ленинполь, Сталин, Талас, Чүй; Ысык-Көл области — борбору Пржевальск шаары, райондору: Балыкчы, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Пржевальский, Тоң ж-а Түп; Тянь-Шань области — борбору Нарын шаары, райондору: Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын, Тогуз-Торо; Жалал-Абад области — борбору Жалал-Абад шаары, посёлкалары: Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр; райондору: Ала-Бука, Базар-Коргон, Жалал-Абад, Караван, Кетмен-Төбө (кийин Токтогул), Ленин, Октябрь, Таш-Көмүр, Үч-Терек, Чаткал; Ош области — борбору Ош шаары; шаарлары: Кызыл-Кыя, Сүлүктү, райондору: Араван, Алай, Баткен, Гүлчө, Кара-Суу, Куршаб, Лейлек, Ноокат, Ош, Совет, Өзгөн, Халмион ж-а Чоң-Алай. Областтардын уюштурулушу кыргыз элинин мамл., экон. ж-а маданий өнүгүүсүндө союздаш респ-каны түзүүдөн кийинки ири кадамдардын бири болду.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында райондук ж-а областтык комин.-аймактык башкаруу системасы бир кыйла кеңейген. 1941—44-жылдарда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указы б-ча бир катар райондордон ж-а айыл советтеринен 14 район түзүлүп, айрым жумушчу посёлкалар шаарга айландырылган. Мис., Фрунзе обл-ның составында Кызыл-Аскер, Петровка, Панфилов, Ивановка, Быстровка р-ндору, Жалал-Абад обл-нда Ачы р-ну, Ысык-Көл обл-нда Покровка, Талды-Суу, Ново-Вознесеновка р-ндору, Ош обл-нда Төлойкөн, Мырзаке р-ндору, Тянь-Шань обл-нда Чолпон, Куланак р-ндору жаңыдан түзүлгөн. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1944-ж. 22-июндагы указы м-н Фрунзе ж-а Жалал-Абад обл-тарын кичирейтүүнүн эсебинен Талас обл. түзүлүп, ага Ысык-Көл, Нарын, обл-тары кайрадан уюштурулду. 1977-ж. апрелде Ысык-Ата, Ленинполь, Панфилов, 1978-ж. Базар-Коргон р-ндору түзүлгөн. 70-жылдардын акырында Чолпон-Ата, Кара-Көл, Кара-Балта ж. б. шаар тибиндеги посёлкалар шаарга айландырылган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-ж. 3-сентябрдагы указы м-н Талас обл., Манас ж-а Чаткал р-ндору түзүлүп, Ош обл-нын, Ала-Бука, Киров, Талас р-ндорунун комин.-аймактык бөлүнүшүндө бир аз өзгөртүүлөр болду. Талас обл-нын составына Киров, Ленинполь, Манас, Талас, Токтогул ж-а Чаткал р-ндору, Кара-Көл, Талас шаарлары кирди. Областтын борбору — Талас шаары.


С. Өмурзаков, Д. Нурмамбетов

Кыргызстандын азыркы комин.-аймактык бөлүнүшү (1982-ж. 1-январга карата)

Комин.-аймактык бирдиктин аты	Аймак, миң км² менен	Комин.-аймактык бирдиктин саны				Калктын саны (миң өсебинде)			Бардык калкка карай % менен	
		айылдык райондор	айыл советтери	шаарлар	шаар тибиндеги посёлкалар	бардыгы	анын ичинен: айылдык	анын ичинен: шаардык	шаар калкы	айыл калкы
Кыргыз ССРи	198,5	40	372	18	31	3670,8	2270,4	1400,4	38,2	61,8
а. и:										
Нарын обл.	54,5	6	43	1	2	238,0	194,5	43,5	18,2	81,8
Ош обл.	61,0	14	140	9	11	1557,6	1096,8	460,8	28,8	71,2
Талас обл.	26,0	6	39	2	4	226,7	202,2	64,5	24,1	75,9
Ысык-Көл обл. . .	43,5	5	54	3	5	363,4	248,6	114,8	31,5	68,5
Республикага баш ийген райондор . . .	15,3	9	96	2	9	732,7	528,3	204,4	27,8	72,2
Фрунзе шаары . .				1		552,4				

Ысык-Көл, Нарын, обл-тары кайрадан уюштурулду. 1977-ж. апрелде Ысык-Ата, Ленинполь, Панфилов, 1978-ж. Базар-Коргон р-ндору түзүлгөн. 70-жылдардын акырында Чолпон-Ата, Кара-Көл, Кара-Балта ж. б. шаар тибиндеги посёлкалар шаарга айландырылган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-ж. 3-сентябрдагы указы м-н Талас обл., Манас ж-а Чаткал р-ндору түзүлүп, Ош обл-нын, Ала-Бука, Киров, Талас р-ндорунун комин.-аймактык бөлүнүшүндө бир аз өзгөртүүлөр болду. Талас обл-нын составына Киров, Ленинполь, Манас, Талас, Токтогул ж-а Чаткал р-ндору, Кара-Көл, Талас шаарлары кирди. Областтын борбору — Талас шаары.

С. Өмурзаков, Д. Нурмамбетов



Тогуз‌унчу шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6-сессиясы. Фрунзе. 1977.


КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ

Республиканын Конституциясы. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы — жумушчулардын, дыйкандардын ж-а интеллигенциянын, республикадагы бардык улуттардын эмгекчилеринин эркин ж-а мүдөөсүн көздөгөн жалпы элдик соц. мамлекет. Кыргыз ССРинин Конституциясы (Негизги закону) СССР Конституциясына негизделген. Аны 1978-ж. 20-апрелде Кыргыз ССР Жогорку Совети кабыл алып жарыялаган. Конституциянын кириш бөлүгүндө Кыргыз ССРи — совет элинин мамл. биримдигинин айкын көрүнүшү болгон ж-а коммунизмди биргелешип курууга бардык улуттарды, элдерди баш коштурун турган Сов. Соц. Респ-калар Союзунун составындагы тең укуктуу респ-ка деп көрсөтүлгөн. Конституция 172 статьяны камтыган 10 бөлүктөн турат. Конституция респ-канын коомдук түзүлүшү м-н саясатынын негизин бекемдейт.

Саясий система 1-главада аныкталып, анда респ-кадагы бардык бийлик элге таандык, ал мамл. бийликти Эл депутаттарынын советтери аркылуу ишке ашырат деп жарыяланган, совет мамлекетинин уюшулушунун ж-а иш-аракетинин маанилүү принциби — демокр. централизм: мамл. бийликтин бардык органдарынын төмөнкүсүнөн жогоркусуна чейин шайлана тургандыгы, алардын эл алдында отчёттуулугу, жогору турган органдардын чечимдеринин төмөнкү органдар үчүн милдеттүүлүгү белгиленген. Демокр. централизм бирдиктүү жетекчиликти жер-жерлердеги демилге ж-а чыгармачыл активдүүлүк м-н, мамл. ар бир органдын ж-а кызмат адамынын тапшырылган иш үчүн жоопкерчилиги м-н айкалыштырат. 4-статьяда: «Совет мамлекети, анын бардык органдары социалисттик закондуулуктун негизинде иштейт, укук тартибин, коомдун мүдөөсүн, граждандардын укуктарын ж-а эркиндиктерин сактоону камсыз кылат» — деп көрсөтүлгөн. Мамл. ж-а коомдук уюмдар, кызмат адамдары СССР Конституциясын, Кыргыз ССР Конституциясын ж-а сов. закондорду сактоого милдеттүү. Конституциянын 6-статьясында: «Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы совет коомунун жетекчи жана багыттоочу күчү, анын саясий системасынын, мамлекеттик жана коомдук уюмдарынын ядросу болуп саналат»,— деп аныкталган. Профсоюздар, ВЛКСМ, кооперациялык ж-а коомдук башка уюмдар саясий системанын эң маанилүү элементтеринен. Конституция эмгек коллективдеринин мамлекеттин саясий системасындагы ролун баса белгилеп көрсөтөт.

Экон. системанын негизин (2-гл.) өндүрүш каражаттарына мамл. (жалпы элдик) ж-а колхоздук-кооперациялык менчик формасында болгон соц. менчик түзөт. Жер, анын ички байлыктары, суу, токой — мамлекеттин гана менчиги; ө. жайдагы, курулуштагы, а. ч-ндагы негизги өндүрүш каражаттары, транспорт м-н байланыш каражаттары, банктар, мамлекет уюштурган соода, коммуналык ж. б. ишканалардын мүлкү, шаардык негизги турак жай фондусу ж. б. мүлк мамлекетке таандык. Эмгекчилердин эмгектен тапкан кирешелерге негизделген өздүк менчиги ж-а аны мурастоо укугу мамлекет тарабынан корголот. Конституцияда совет адамдарынын эксплуатациядан эркин эмгеги коомдук байлыктын, элдин ж-а ар бир совет адамынын жыргалчылыгынын өсүшүнүн булагы (14-ст.) деп жарыяланат. Мамлекет социализмдин «Ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө, ар кимге — эмгегине жараша» деген принцибине ылайык эмгектин ж-а керектөөнүн ченемин контролдоп, эмгекти ар бир адамдын турмуштук биринчи муктаждыгына айландырууга көмөктөшөт.

Социалдык өнүгүү ж-а маданият жагында (3-гл.) Кыргыз ССР Конституциясы совет мамлекетинин коомдун социалдык бир түрдүүлүгүн күчөтүү — таптык м-н күч эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды жоюу; СССРдеги бардык улуттарды ж-а элдерди ар тараптан өнүктүрүүгө ж-а жакындаштыруурга көмөктөшүү; адамдын ар тараптан өнүгүшү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү; эмгек шарттарын ж-а эмгекти коргоону жакшыртуу сыяктуу милдеттерин бекемдейт. Эмгекке акы төлөө системасын, саламаттык сактоонун, социалдык камсыздоонун, сооданын, коомдук тамактануунун, турмуш тиричилик жактан тейлоонун ж-а коммуналык чарбанын мамл. системаларын кирет. Мамлекет элге билим берүүнүн бирдиктүү системасын өркүндөтүү ж-дө кам көрөт; илимди өнүктүрүүнү ж-а илимий кадрларды даярдоону пландуу камсыз кылат; совет адамдарын эстетикалык ж-а нравалык жактан тарбиялоо үчүн рухий байлыктарды сактоо, көбөйтүү ж-а кеңири пайдалануу камкордугун көрөт.



Кыргыз ССРинин Конституциясы.



«Революциянын каармандарына» монументи. Скульптор Т. Садыков, арх. Г. П. Кутателадзе. 1980.

Конституциянын 4-главасы тышкы саясий ишке ж-а Соц. Ата Мекенди коргоого арналган. «Кыргыз ССРи тышкы саясий иште тышкы сапсаттын СССР Конституциясы тарабынан аныкталган максаттарын, милдеттерин жана принциптерин жетекчиликке алат». «Кыргыз ССРинде согушту пропагандалоого тыюу салынат» (28-ст.). «Социалисттик Ата Мекенди коргоо СССР Конституциясына ылайык мамлекеттин оң маанилүү функцияларынын катарына кирет жана бүткүл элдин иши болуп саналат» (29-ст.). 30-статьяда «Кыргыз ССРи өлкөнүн коопсуздугун жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга, СССР куралдуу күчтөрүн бардык зарыл перселер менен жабдууга катышат» деп айтылат.

Конституциянын «Мамлекет жана адам» деген 2-бөлүгүндө баарыга бирдей союздук граждандык тартип киргизилген. Ал б-ча Кыргыз ССРинин ар бир граждаы СССРдин гражданы болуп саналат; башка союздаш респ-калардын гражданлары Кыргыз ССРинин аймагында Кыргыз ССРинин граждандары м-н бирдей укуктан пайдаланат. Конституция Кыргыз ССРинин гражданларынын тең укуктуулугун, аял м-н эркектин, түрдүү расадагы, улуттагы гражданлардын тең укуктуулугун ж-а ушул тең укуктуулуктун материалдык гарантияларын бекемдейт.

6-главада Кыргыз ССРинин граждандарынын негизги укуктары, эркиндиктери ж-а милдеттери бекемделген. Гражданлардын негизги укуктарына эмгектенүү, эс алуу, саламаттыгын сактоо укуктары, карыганда, ооруп калганда, эмгекке жарамдуулугун толук же жарым-жартылай жоготкондо, багаар адамынан ажыраганда материалдык жактан камсыздандыруу укуктары, турак жайга, билим алууга, маданияттын жетишкендиктеринен пайдалануу болгон укуктары кирет. Кыргыз ССРинин 1937-ж. кабыл алынган Конституциясына салыштырганда азыркы Конституцияда гражданлардын негизги укуктары кеңейген (мис., турак жай алуу, саламаттыгын сактоо укуктары); мурунку берилген укуктар тереңдеген ж-а кеңейген (мис., эмгектенүүгө болгон укук жумушка орношуу укугун гана эмес, шыгына, жөндөмүнө, профессиялык даярдыгына, билимине ылайык кесипти, кызматтын түрүн ж-а жумушту тандап алуу укугун да билдирет). Кыргыз ССРинин Конституциясы гражданларга ил. тех. ж-а көркөм чыгармачылык эркиндигин, мамл. ж-а коомдук иштерди башкарууга катышуу укугун, мамл. ж-а коомдук үюмдардын ишин жакшыртуу ж-дө сунуштар киргизүү укугун; соз, басма соз, чогулуштар, митингилер, кочодогу жүрүштөр ж-а демонстрациялар эркиндигин; динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин, граждандардын өз демилгелүүлүгүн ж-а саясий активдүүлүгүн оорчүтүүгө көмөк көрсөтүүчү коомдук үюмдарга бириғүү укугун гарантиялайт. Кыргыз ССРинин Конституциясы гражданлардын негизги укуктарын ж-а эркиндиктерин жарыялап, бул укуктар м-н эркиндиктерди гражданлардын пайдалануусунун чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуучу материалдык ж-а укуктук гарантияларды бекитет. О. эле гражданлардын керт башына, турак жайына эч кимдин тийбестиги, кат жазышуунун жашырындуулугу гарантияланат. Үй-бүло мамлекеттин коргоосунда турат. Кыргыз ССРинин Конституциясы сов. закондорду ж-а соц. коомдо жашоо эрежелерин сактоо, ак пнот ж-а абийирдүү эмгектенүү, соц. менчикти чыңдоо ж-а сактоо, сов. мамлекеттин мүдөөсүн коргоо, анын күч-кубатын ж-а кадыр-баркын чыңдоого көмөктешүү милдеттерин гражданлардын оң маанилүү милдеттери деп эсептейт. Соц. Ата Мекенди коргоо — Кыргыз ССРинин ар бир гражданынын ыйык милдети.

Конституциянын башка болүктөрүндө Кыргыз ССРинин улуттук-мамл. ж-а админ.-аймактык түзүлүшү (3-болүк), Эл депутаттар советтеринин системасы ж-а ин принциптери, шайлоо системасы ж-а эл депутаттарынын укуктук статусу (4-болүк) бекемделген; Кыргыз ССРинин мамл. бийлигинин ж-а башкаруусунун жогорку органдары, алардын түзүү тартиби ж-а алардын компетенциясы (5-болүк), мамл. бийликтин ж-а башкаруунун жерг. органдарын түзүү тартиби ж-а алардын компетенциясы (6-болүк) аныкталган. 7-болүк Кыргыз ССРинин экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн мамл. планынын ж-а мамл. бюджетинин маселелерине арналган. 8-болүк Кыргыз ССРинин сот системасын ж-а прокуратура органдарынын системасын бекемдейт. 9-болүктө Кыргыз ССРинин мамл. герби, мамл. желеги сыпаттап жазылган. Кыргыз ССРинин борбору — Фрунзе ш.

К. Нурбеков, Р. Тургунбеков

МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН ЖАНА БАШКАРУУНУН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ

Кыргыз ССР Жогорку Совети. Кыргыз ССР Жогорку Совети респ-кадагы мамл. бийликтин жогорку органы болуп саналат. Ал СССР Конституциясы м-н Кыргыз ССР Конституциясы тарабынан Кыргыз ССРинин кароосуна берилген бардык маселелерди чечүүгө укуктуу. Респ-канын Жогорку Советине шайлоолор башка Советтерге шайлоолордой эле баарыга жалпы, тең ж-а тике шайлоо укугунун негизинде жашырын добуш берүү аркылуу жүргүзүлөт. Шайлоо укугу Кыргыз ССРинин 18 жашка толгон бардык гражданларына берилет. Шайлоо укугу акыл-эсинен ажыраган деп закондуу түрдө ырасталган адамдарга гана берилбейт. Кыргыз ССР Жогорку Совети калкынын саны бирдей шайлоо округдары б-ча шайлануучу 350 депутаттан турат. Кыргыз ССР Жогорку Совети респ-канын Жогорку Советинин Председателин ж-а анын 2 орун басарын, Жогорку Советтин Президиумун, Жогорку Сотун шайлайт. Респ-канын өкмөтүн — Министрлер Совети түзөт.

Респ-канын Конституциясын кабыл алуу ж-а ага өзгөртүүлөр киргизүү, респ-канын экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн мамл. пландарын, мамл. бюджетти ж-а алардын аткарылышы ж-дөгү отчётторду бекитүү, Жогорку Советке отчёт берүүчү органдарды түзүү Жогорку Совет тарабынан гана ин жүзүнө ашырылат. Кыргыз ССР Жогорку Совети жаңы областтарды, райондорду, шаарларды, айыл советтерин түзүү ж-а алардын чек-араларын белгилөө; респ-канын сот органдары тарабынан соттолгон гражданларга мунапыс ж-а кечирим кылуу; мамл. ж-а жерг. салыктар м-н жыймдарды белгилөө; респ-када жердин ички байлыктарын, токойду, сууну пайдалануу, элге билим берүү ж-а саламаттыкты сактоо ж-дөгү закондорду, о. эле респ-калык кодекстерди ж. б. закон актыларын кабыл алат. Зарыл учурда закон долбоорун бүткүл элдик талкууга коёт. Респ-канын Жогорку Совети мандат, закон чыгаруунун болжолдоо, пландоо-бюджет, о. ж., транспорт ж-а байланыш, курулуш ж-а курулуш материалдар о. ж., а. ч., калк керектоочу товарлар ж-а соода, турак жай-коммуналык чарба ж-а калкты тиричилик жактан тейлоо, саламаттык сактоо ж-а социалдык камсыздоо, элге билим берүү, илим ж-а маданият, аялдардын эмгеги ж-а тиричилиги, эненликти ж-а балалыкты коргоо маселелери, жаштар иши б-ча, жаратылышты коргоо ж-а жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, дене тарбиясы, спорт ж-а туризм, о. эле тергөө, текшерүү б-ча туруктуу комиссияларды түзөт.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессияларын жылына 2 жолу чакырылат; кезексиз сессиялар Жогорку Советтин Президиумунун демилгеси б-ча же депутаттарынын кемиңде үчтөн бир болүгүнүн сунушу б-ча чакырылат. Жогорку Советтин дайыма иштөөчү органы — респ-канын Жогорку Советинин Президиуму. Ал Жогорку Советтин сессияларынын аралыгында респ-канын Конституциясында (108-ст.) белгиленген тартипте Кыргыз ССРинин мамл. бийлигинин жогорку органынын функциясын аткарат. Жогорку Советтин Президиу-

му ар бир шайланган Жогорку Советтин 1-чакырылган сессиясында (полномочиесинин бүткүл мөөнөтүнө) Жогорку Советтин депутаттарынан шайланып, составында Председатели, аның 2 орун басары, Президиумдун секретары ж-а 11 мүчөсү болот. Президиум өзүнүн бардык иши б-ча Жогорку Советке отчёт берип турат. Респ-канын Жогорку Советинин Президиуму Жогорку Советке ж-а жерг. Советтерге шайлоолорду белгилейт, Жогорку Советтин сессияларын чакырат. Жогорку Советтин туруктуу комиссияларынын ишин координациялайт, респ-канын милдеттүү түрдө аткарылуучу закондоруна түшүндүрмө берет, ал сотторуна шайлоолорду белгилейт, Кыргыз ССРинин админ.-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечет, законго ылайык келбей калган учурларда респ-канын Министрлер Советинин токтомдору м-н буйруктарын, обл., райондук ж-а шаардык Советтердин чечимдерин бузат, Кыргыз ССРинин ардак наамдарын белгилейт ж-а берет, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, грамотасы м-н сыйлайт, граждандыкка кабыл алат, мунапыс ж-дөгү актыларды чыгарат, Кыргыз ССРинин сот органдары соттогон граждандарга кечирим берүүнү ишке ашырат, Кыргыз ССРинин эл аралык келишимдерин ратификациялайт ж-а денонсациялайт, Кыргыз ССРинин чет мамлекеттердеги ж-а эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрүн дайындайт ж-а чакырып алат ж. б. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму өз компетенциясындагы маселелер б-ча указдарды чыгарып, токтомдорду кабыл алат.

Кыргыз ССР Министрлер Совети. Кыргыз ССР Жогорку Совети тарабынан түзүлүүчү Кыргыз ССР Министрлер Совети Кыргыз ССРинин мамл. бийлигинин жогорку аткаруучу ж-а тескөөчү органы болуп саналат. Кыргыз ССР Министрлер Советине Председатель, аның биринчи орун басары ж-а орун басарлары, министрлер, Кыргыз ССРинин мамл. комитеттеринин председателдери, о. эле Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председателинин сунушу б-ча респ-канын башка органдары м-н уюмдарынын жетекчилери да кирет. Министрлер Совети респ-канын Жогорку Советинин алдында жооптуу ж-а ага отчёт берет, ал эми сессиялар аралыгында Жогорку Советтин Президиумунун алдында жооптуу ж-а ага отчёт берет. Кыргыз ССР Министрлер Совети өзүнүн полномочиесинин чегинде эл чарбасына ж-а социалдык-маданий курулушка жетекчиликти камсыз кылат; респ-канын экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн учурдагы ж-а перспективалуу мамл. пландарын, мамл. бюджетин иштеп чыгып, респ-канын Жогорку Советине сунуш кылат; аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн чараларды көрөт; мамлекеттин мүдөөсүн коргоо, соц. меничкти сактоо, граждандардын укуктарын ж-а эркиндиктерин камсыз кылуу ж-а коргоо б-ча чараларды иш жүзүнө ашырат; өлкөнүн мамл. кооспсуздугун ж-а коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу б-ча иш чараларды көрөт; союздаш респ-калардын чет мамлекеттер м-н өз ара мамилелеринин ССР Союзу тарабынан белгиленген тартибине негизденип, Кыргыз ССРинин чет мамлекеттер ж-а эл аралык уюмдар м-н болгон мамилелерин жетектөөнү ишке ашырат; зарыл учурда чарб. ж-а социалдык-маданий курулуш иштери б-ча комитеттерди, башкы башкармаларды ж. б. ведомстволорду түзөт; эл депутаттарынын жерг. Советтеринин аткаруу комитеттеринин ишине жетекчилик кылат.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин туруктуу органы катары Кыргыз ССР Министрлер Совети ж-дөгү законго ылайык составында Министрлер Советинин Председатели, аның 1-орун басары, орун басарлары ж. б. өкмөт мүчөлөрү кирген Министрлер Советинин Президиуму иштейт. Кыргыз ССР Министрлер Совети СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин закон актыларынын, СССР Министрлер Советинин токтомдору м-н буйруктарынын негизинде ж-а аларды аткаруу максатында токтомдорду ж-а буйруктарды чыгарат, алардын аткарылышын уюштурат ж-а текшерип турат. Кыргыз ССР Министрлер Совети өз компетенциясынын чегинде жерг. Советтердин чечимдери м-н буйруктарын бузууга, о. эле Кыргыз ССРинин мамл. комитеттери м-н министерстволорунун актыларын бузууга укуктуу. Кыргыз ССРинин министерстволору м-н ведомстволору башкаруунун белгилүү бир тармагын жетектөөчү же тармак аралык башкаруунун жүзөгө ашыруучу борб. органдар ж-а мекемелер болуп саналат. Кыргыз ССРинин министерстволору м-н мамл. комитеттери—союздук-респ-калык же респ-калык органдар. Союздук-респ-калык министерстволор ж-а мамл. комитеттер Кыргыз ССР Министрлер Советине, о. эле ССР Союзунун тийиштүү союздук-респ-калык министерстволоруна баш пийип, башкаруунун өздөрүнө таандык тармактарына жетекчилик кылат; респ-калык министерстволор м-н мамл. комитеттер Кыргыз ССР Министрлер Советине гана баш пийип, башкаруунун өздөрүнө таандык тармактарын жетектейт. Кыргыз ССРинде төмөнкү министерстволор ж-а ведомстволор бар: а) союздук-респ-калык — ички иштер, даярдоо, саламаттык сактоо, тышкы иштер, маданият, жеңил о. ж., эт ж-а сүт о. ж., жогорку ж-а атайын орто билим берүү, агартуу, тамекиаш о. ж., жашылча-жемиш чарба, курулуш материалдар о. ж., байланыш, айыл курулушу, а. ч., курулуш, соода, финансы, юстиция; б) респ-калык — автомобиль транспорту ж-а шоссе жолдор, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө, турак жай-коммуналык чарба, жерг. о. ж., социалдык камсыздоо; в) Кыргыз ССРинин союздук-респ-калык мамл. комитеттери ж-а ведомстволору — пландоо, курулуш иштери, өнөкөт, баа, токой чарбасы, профессиялык-техникалык билим берүү, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу, кинематография, басма иштери, полиграфия ж-а китеп соодасы, материалдык-техникалык жабдуу, мамл. кооспсуздук, а. ч-сын өндүрүштүк-техникалык жактан жабдуу, өлчөк контроль, нефть продуктулары м-н камсыз кылуу, о. ж-дагы жумуштун ж-а тоо-кен иштеринин кооспсуздугун көзөмөлдөө, геология башкармасы, Борбордук статистика башкармасы.

Кыргыз ССР Министрлер Советиндеги ж-а Министрлер Советинин алдындагы комитеттер, башкы башкармалар ж-а ведомстволор: физкультура ж-а спорт комитети; басма сөздө мамл. жашырын сырларды сактоо б-ча башкы башкарма; чет өлдик туризм. Ысык-Көл пароходчулугу, архив башкармалары, СССР Мамл. стандартынын респ-калык башкармасы; Кыргыз колхоз курулуш, Кыргызстандын туруктуу өкүлдүгү, Мамл. арбитраж, Кыргыз ТАГ, Дин иштери б-ча уполномочендик.

Министерстволор Кыргыз ССР Жогорку Совети тарабынан түзүлүп, өздөрүнүн иштери үчүн респ-канын Жогорку Советинин, Жогорку Советинин Президиумунун ж-а Министрлер Советинин алдында жоопкер ж-а отчёт берип турат.

Мамлекеттик бийликтин ж-а башкаруунун жергиликтүү органдары. Областтарда, райондордо, шаарларда, посёлкаларда, кыштактарда мамл. бийликтин органдары болуп Эл депутаттарынын советтери эсептелет. Аларды тиешелүү областтын, райондун, посёлканын, кыштактын калкы 2,5 жылдык мөөнөткө шайлайт. Жерг. советтер жалпы мамл. мүдөөнү ж-а граждандардын таламын эске алуу м-н жерг. маанидеги бардык маселелерди чечет, мамл. жогорку органдардын чечимдерин турмушка ашырат, өзүнөн төмөнкү Советтердин ишине жетекчилик кылат. Жерг. советтердин сессиялары алардын аткомдору тарабынан жылына кеминде 4 жолу чакырылат. Жерг. советтер өздөрүнүн кароосуна берилген маселелерди алдын ала кароо ж-а даярдоо үчүн өз депутаттарынан туруктуу комиссияларды шайлайт. Жерг. советтердин аткаруучу ж-а тескөөчү органдары болуп депутаттардын ичинен шайланган аткомдору эсептелет. Аткомдор председателден, аның орун басарынан, секретарынан ж-а аткомдун мүчөлөрүнөн турат.

Кыргыз ССРинин Конституциясынын атайын главасы (11-гл.) эл депутаты — калктын республиканын Эл депутаттар советтериндеги толук полномочиелүү өкүлү деген статусуна арналган. Депутаттар өз полномочиелерин өзүнүн кызматынан же өндүрүштөн кол үзбөй аткарат. Советтин сессиялары убагында, о. эле депутаттык башка полномочиелерин аткаруу мезгилинде депутаттын туруктуу иштеген жеринде орточо эмгек акысы сакталып, өндүрүштүк же кызмат милдеттерин аткаруудан бошотулат. Депутаттын мамл. тийиштүү органдарга ж-а кызмат адамдарына суроо-талап м-н кайрылууга укугу бар. Депутаттарга эч кимдин кол тийгизбестиги ж-а депутаттык иштин башка гарантиялары СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин закондорунда бекемделген.

Закон чыгаруу. Кыргызстанда Окт. рев-ясына чейин шарият, адат (салт) укугу ж-а Россия империясынын закондору колдонулган. Кыргыздардын адат укугу укуктук адат-салттардын жыйындысы катары үстөмдүк кылуучу таптын — феодалдардын эркин билдирүү м-н феод.-уруулук тобелдердүн өкүлдөрү — бай-манаптар тарабынан оозеки түрдө белгиленип, бекитилген. Ал укук оозеки адат-салттардан, бийлердин бүтүмүнөн, «атакту» бийлердин айрым пуска сөздөрүнөн ж-а өкүмдөрүнөн, о. эле кийинчерээк бийлердин «тобунун» (съездинин) жоболорунан — өтө татаал кылмыш иштерин же граждандык иштерди чечүү үчүн бир же бир нече уездиин бийлеринин атайын чакырылган «топторунда» кабыл алынган жетектөөчү токтомдорунан жө сот жүргүзүүнүн ж-а материалдык укуктун жалпы эрежелеринен турган.

Адат укугу. Кыргыздардын адат укугуна төмөнкүлөр кирген: а) үрп-адат (салт) — үстөмдүк кылуучу таптар чыгарган закон, б. а. укумдан тукумга оозеки өтүп, эч жерде жазылбаган кыска пуска сөздөр м-н макал-лылакаптар түрүндөгү жүрүм-турум эрежелери; б) бийлердин бүтүмү — сот жүргүзгөн «атакту» бийлердин айрым пуска сөздөрү же өкүмдөрү (айрым учурларда өкмөт иштерди кароодо «үлгү» катары колдонулуп, кээде закон күчүнө ээ болуп кеткен); в) бийлердин «топторунун» жоболору («эрежелер») — бир же бир нече уездиин бийлеринин атайын чакырылган «топторунда» иштелип чыккан жетектөөчү токтомдор же сот жүргүзүү м-н материалдык укуктардын жалпы эрежелери. Бул эрежелер кагазга жазылып, ага бардык бийлер кол койгон. «Эрежелер» укуктун жазма булагы болуп эсептелген. Мис., 1893-ж. бийлердин Токмокто өткөн атайын чакырылган «тобунда» иштелип чыккан «эрежелер» 113 параграфтан турган. Мүну «Адат укугунун чакан жыйнагы» деп атаса болот. «Эрежелер» бийлердин жекече сотунда ж-а бийлердин болуштук «топторунда» иш чечүүдө колдонмо болгон.

Шарият. Мусулмандардын гражд., үй-бүлөлүк, никелик, турмуш тиричилик ж. б. өз ара мамилелерин жөнгө салуучу нормаларды камтыган мусулмандык закондор жыйнагы. Шарияттын негизи: а) куран — мусулмандардын «ыйык» китеби; ал ислам диний эрежелеринин ганна эмес, мусулман укуктарынын да негизги булагы болгон; б) сүннө — пайгамбарлардын турмушу, иш-аракеттери ж-дөгү баяндар, ал куранга кирген эмес, пайгамбарлар м-н бирге жүргөн макатташтары тарабынан оозеки таратылган; в) ижма — кадыр-баркту улама-укумчулдардын (факиттердин) пикирлеринин жыйындысы, б. а. куран м-н сүннөнү (хадис) түшүндүрүүчүлөрдүн пикирлери, аны бүт мусулмандар закон катары кабыл алган; г) кыяс — куран, сүннө ж-а ижмага ылайык мусулман сотторунун чыгарган чечимдери, тыянактары, корутундулары.

РСФСРдин составдык бөлүгү катары Кыргызстандын аймагында 1936-жылга чейин РСФСРдин закондору м-н кодекстери колдонулуп келген. 1936-ж. Кыргыз ССРинин түзүлүшү м-н респ-канын закондору өнүгүп-өркүндөп, Кыргыз ССРинин закондорунун жыйнагы басмадан чыгарыла баштаган. Мис., 1950—57-жылдарда басмадан чыккан «Кыргыз ССРинин закондорунун жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указдарынын жыйнагы» (1938—49). 1956-ж. «Кыргыз ССРинин закондорунун, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указдарынын жана Кыргыз ССРинин Өкмөтүнүн токтомдорунун хронологиялык жыйнагы» деген 2 том-дук чыгып, ал 1926—54-жылдардагы респ-калык закон актыларын камтыган. Респ-канын закондорун андан ары системалаштыруу максатында 1924-жылдан берки, б. а. Кыргыз АОсу негизделгенден 1975-жылга чейинки респ-канын закон актыларын камтыган «Кыргыз ССРинин закондорунун, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указдарынын жана Кыргыз ССРинин өкмөтүнүн токтомдорунун хронологиялык жыйнагынын» 42 тому басылып чыккан. Мындан тышкары 1954-жылдан «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Советинин ведомосттору» (Кыргыз ССРинин закондору, Кыргыз ССР Жогорку Советинин токтомдору ж. б. жарылануат) айына эки жолу, ал эми 1959-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдорунун жыйнагы ай сайын чыгарылып турат.

Кыргыз ССРинде колдонулуучу закондор ж-а кодекстер: Кыргыз ССРинин жана Кыргыз ССРинин Эмгекчилер депутаттарынын жерг. Советтеринин бюджет укуктары ж-дө закон (1960), Кыргыз ССРинин сот түзүлүшү ж-дөгү закон (1980), Эл депутаттарынын посёлкалык, кыштактык совети ж-дөгү закон (1979, дек.), Эл депутаттарынын райондук совети ж-дө закон (1979, дек.), Эл депутаттарынын шаардык ж-а шаар райондорунун совети ж-дө закон (1979, дек.), Элге билим берүү ж-дө закон (1974, дек.), Саламаттыкты сактоо ж-дө закон (1971, июль), Жер кодекси (1971, июль), Граждандык ж-а Граждандык-процессуалдык кодекстер (1964, июль), Никө жана үй-бүлө ж-дө кодекс (1969, дек.), Уголовный жана уголовный-процессуалдык кодекстер (1960, дек.), Түзөтүү-эмгек кодекси (1970, дек.), Эмгек ж-дөгү закондор кодекси (1972, май), Суу кодекси (1972, дек.). 1977—82-ж. төмөндөгү закондор ж-а кодекстер кабыл алынган: Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолор ж-дө закон (1978, авг.), Тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо жана пайдалануу ж-дө закон (1977, дек.), Кыргыз ССР Министрлер Совети ж-дө закон (1979, янв.), Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутатын кайра чакырып алуу тартибн ж-дө закон (1979, июнь), Кыргыз ССР Жогорку Советинин регламенти (1979, дек.), Эл депутаттарынын жергиликтүү советтерине шайлоолор ж-дө закон (1979, июнь), Эл депутаттарынын областтык совети ж-дө закон (1980-ж. ноябрь), Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу ж-дөгү закон (1981, июнь), Атмосфералык абаны коргоо ж-дөгү закон (1981, июнь), Райондук (шаардык) эл сотторун шайлоо ж-дө закон (1981, ноябрь).

К. Нурбеков

Сот адилеттиги. Кыргыз ССРинде сот адилеттиги сот тарабынан гана ишке ашырылат. Кыргыз ССРинин соттору: Кыргыз ССР Жогорку Соту, областтык, райондук (шаардык) эл соттору. Сот системасы респ-канын админ.-аймактык түзүлүшүнө ылайыктуу уюштурулган. Кыргыз ССРинин жогорку сот органы — Жогорку Сот. Ага соттордун ишин көзөмөлдөө жүктөлгөн. Бардык соттор, соттордун ж-а эл заседателдеринин шайлануусунун негизинде түзүлөт. Райондун (шаардын) эл соттору райондун (шаардын) граждандары тарабынан жашырын добуш берүү м-н баарыга жалпы, тең ж-а тике шайлоо укугунун негизинде 5 жылдык мөөнөткө шайланат; бул соттордун эл заседателдери иштеген же жашаган жери б-ча граждандардын чогулуштарында ачык добуш берүү м-н 2,5 жылдык мөөнөткө шайланат. Жогору турган соттор Эл депутаттарынын тийиштүү советтери тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Составына председатель, аның орун басары, сот мүчөлөрү ж-а эл заседателдери кирет. Кыргыз ССР Жогорку сотун респ-канын Жогорку Совети шайлайт. Соттордо бардык иштерди кароо коллегиялуу түрдө, биринчи инстанциядагы сотто сот адилеттигин ишке ашырууда соттун бардык укуктарынан пайдаланган эл заседателдеринин катышуусу м-н жүргүзүлөт. Иштерди кароо

ачык жүргүзүлөт (жабык заседаниеде закондо белгиленген гана иштер каралат). Сот ишин жүргүзүү кыргыз тилинде же ошол жерде жашаган калктын көпчүлүгүнүн тилинде өткөрүлөт. Ишканалардын, мекемелердин ж-а уюмдардын ортосундагы чарб. талаштарды мамл. арбитраж органдары чечет.

Респ-канын сот органдары ССР Союзунун, союздаш ж-а автономия респ-калардын сот түзүлүшү ж-дегү закондорунун негиздеринде бекитилген чыныгы демокр. негизде иштейт. Соттордун шайланмалуулугу ж-а алардын законго гана баш ийиши айкталуучунун актануусуна укук берүүнү, сот ишин улуттук тилде жүргүзүүнү ж. б. гарантиялайт. Өз ишинде респ-канын соттору ССР Союзунун ж-а союздаш респ-калардын уголовный сот жүргүзүүсүнүн негиздеринде ж-а ССР Союзунун ж-а союздаш респ-калардын граждандык сот жүргүзүүсүнүн негиздеринде бекитилген процессуалдык закондордун бирдиктүү принциптерин жетекчиликке алат. *С. Кыдыралиева*

Прокуратура. Респ-канын аймагындагы бардык министерстволордун, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ж-а жерг. Советтердин аткомдорунун, колхоздордун, кооперациялык ж. б. коомдук уюмдардын, кызмат адамдарынын ж-а граждандардын закондорду так ж-а бирдей аткарышына жогорку көзөмөл СССРдин Генеральный прокурору, Кыргыз ССРинин прокурору ж-а төмөн турган прокурорлор тарабынан ишке ашырылат.

Райондук ж-а шаардык прокурорлорду Кыргыз ССРинин прокурору дайындап, СССРдин Генеральный прокурору бекитет. Кыргыз ССРинин прокурорунун ж. б. бардык прокурорлордун полномочиеси 5 жыл. Прокуратура органдары өзүнүн полномочиелерин эч бир жерг. органдарга көз каранды болбостон СССРдин Генеральный прокуроруна гана баш ийүү м-н ишке ашырат. *С. Намагбаев*


Адвокатура. Граждандарга, ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, колхоздорго укуктук жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ыктыярдуу бирикмеси — респ-канын адвокатурасы ж-дегү жобо Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1965-ж. 16-октябрдагы Указы м-н бекитилген. Адвокаттар коллегиясынын мүчөлөрү граждандык ж-а уголовный иштерде алдын ала тергөө ж-а соттук териштирүү ишине күнөөлөнүп жаткандардын коргоочусу ж-а жабыркагандардын, граждандык доогер м-н жоошкерлердин өкүлдөрү катары адвокаттарды катыштыруу аркылуу граждандарга ж-а уюмдарга укуктук жардам көрсөтөт. Укук маселеси б-ча консультация, кеңеш, түшүндүрүү, закондор б-ча справкалар берет; арыздарды, даттанууларды, укуктук мүнөздөгү ж. б. документтерди түзүүгө көмөк көрсөтөт. Адвокаттар коллегиясынын ишине жалпы жетекчиликти Кыргыз ССР юстиция министерствосу жүргүзөт. Адвокаттар коллегиясынын мүчөлөрү үчүн укуктук консультациялар түзүлүп, алардын ишин адвокаттар коллегиясынын президиуму дайындаган башчы жетектейт.

Нотариат — укуктук мааниси бар талашсыз фактыларды, документтерди, граждандык укукту бекитүүгө багытталган ж. б. иштерди күбөлөндүрүү милдети жүктөлгөн мамл. органдар системасы. Кыргыз ССРинин нотариатынын уюштурулушу ж-а иш-аракети Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1974-ж. 25-июнда бекиткен Нотариат ж-дегү жобосунда регламенттештирилген. Нотариаттык иштерди жүргүзүү б-ча Кыргыз ССР юстиция министерствосу жетектеген нотариаттык конторалар системасы иштейт. Мамл. нотариаттык конторалары жок калк жашаган жерлерде нотариаттык актыларды Эл депутаттар советтеринин жерг. аткомдору жүргүзөт.

Кыргыз ССРинин граждандык абал актыларын каттоо органдары (ЗАГС). ЗАГС баланын төрөлүшү, адамдын өлүшү, о. эле никелешүү ж-а ажырашуу, бала асырап алуу ж-дегү фактыларды каттайт. Респ-канын шаарлары м-н райондук борборлорунда граждандык абал актыларын каттоону шаардык, райондук ЗАГС бюролору, айылдарда ж-а жумушчу посёлкаларында айылдык ж-а посёлкалык Советтер жүргүзөт. Каттоо кат жүзүндө кайрылган адамдын арызы б-ча белгиленген үлгүдөгү реестр китептеринде жазылып, граждандарга тийиштүү документтер: туулгандыгы тууралуу, нике тууралуу күбөлүктөр ж. б. берилет. Граждандык абал актыларынын китептеринде зарыл өзгөртүүлөр, эгер алар талашсыз болсо, жогору турган ЗАГС органдарынын чечими б-ча киргизилет. Актыларды каттоо акысыз жүргүзүлөт. Никени каттоодо, ажырашууда, граждандын атын же фамилиясын өзгөртүүдө гана белгиленген суммада жыйым төлөнөт. Кыргыз ССРинде граждандык абал актыларын каттоо тартибин ж-дө инструкцияны Кыргыз ССР Министрлер Совети 1972-ж. 18-январда бекиткен. *С. Кыдыралиева*

Ад.: Ленин В. И., Улут маселеси боюнча сын заметкалар, Чыг., кырг. 1-бас., 20-т., 1—41-б.; ошонуку, Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу жөнүндө, ошондо, 438—512-б.; ошонуку, Эмгекчил жана эксплуатацияланган өздүн укуктарынын декларациясы, ошондо, 26-т., 456—458-б.; Ко всем трудящимся мусульманам России и Востока, Декреты Советской Власти, М., 1957, т. 1, с. 113—115; Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясы (Негизги закону). Тогузунчу шайланган СССР Жогорку Советинин кезексиз 7-сессиясында 1977-ж. 7-октябрда кабыл алынган. Фр., 1977, 62 б.; Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы (Негизги закону, Кыргыз ССРинин тогузунчу шайланган Жогорку Советинин 10-сессиясында киргизилген толуктоолору менен), Фр., 1979, 64 б.; Усубалиев Т. У., Ленинизм — элдердин достугунун жана бир туугандыгынын улуу булагы, Фр., 1975, 418 б.; История государства и права СССР, ч. 1, М., 1967, 651 с.; Вопросы развития законодательства Киргизской ССР, Фр., 1968, 226 с.; Национальная государственность союзных республик, М., 1968, 567 с.; История национально-государственного строительства в СССР, М., 1968—1970, т. 1—2; В. И. Ленин и государственно-правовое строительство в Киргизской ССР, Материалы научно-практической конференции, посвященной 110-летию со дня рождения В. И. Ленина. Фр., 1970; Совершенствование законодательства Киргизской ССР, Фр., 1970, 180 с.; Златопольский Д. Л., Чистяков О. И., Образование Союза ССР, М., 1972, 320 с.; Малабаев Д., Образование СССР и развитие национальной государственности киргизского народа, Фр., 1972, 44 с.; Шафир А. В., Радвогин М. А., Нерушимый союз свободных республик, Фр., 1972, 59 с.; В содружестве — к процветанию. Сборник документов, Фр., 1973, 323 с.; Образование и развитие Союза Советских Социалистических Республик, М., 1973, 736 с.; К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана 1924—1937 гг; Сборник документов, Фр., 1974, 318 с.; Альчиев К., Возникновение и развитие гражданского права в Советском Киргизстане, Фр., 1975, 139 с.

ТАБИЯТЫ



Каракол капчыгайы. Ысык-Көл обл.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ГЕОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР

Кыргызстандын табияты м-н таанышуу, аймагын оздоштүрүү эң байыркы убактан — алгачкы жамаат коомунан эле башталган. Төмөнкү палеолиттен берки эмгек куралдарының, үңкүрлөр м-н эзелки тургун жайлардын, петроглифтердин табылышы байыркы адамдын Тянь-Шанда кеңири таралгандыгын көрсөтөт. Өлкөнүн акыркы 300 миң жылдан берки тарыхы биздин түпкү бабаларыбыз жер бетинин топографиясын, климатын, табигый чөйрөнүн көп өзгөчөлүктөрүн билгендигин, түздүктөр ж-а жаныз өрөөндөр гана эмес, бийик тоолуу аймактарды да (Ак-Чукур, Ак-Сай, Арпа, Саймалы-Таш ж. б.) пайдаланғандыгын айгинелейт. Археологиялык маалыматтар мүстье мезгилинен берки палеогеографиялык көрүнүштөрдү кандайдыр бир өлчөмдө көз алдыга элестетүүгө мүмкүндүк берет.

Античный мезгилдеги географиялык түшүнүктөрдүн өнүгүү тарыхын Батыш м-н Чыгыштын байыркы элдеринин жазуу эстеликтери б-ча баамдоого болот. О. Азияга, анын ичинде Памир м-н Тянь-Шанга тиешелүү эң абалкы маалыматтар зороастра диниинин «ыйык китеби» — «Авестада» кездешет. О. Азия, Жакынкы Чыгыш, Жер Ортолук деңиз жээги, Кытай, Индия элдеринин ортосунда б. з. ч. 1-миң жылдыкта болгон соода-сатык, согуштар ж. б. окуялар саясий ж-а экон. байланыштарды түзүүгө, аймактык ж-а географиялык түшүнүктөрдүн кеңейишине алып келген. Грек (Геродот), рим (Страбон, Птолемей ж. б.), кытай (Чжан Цянь ж. б.) авторлорунун чыгармаларында О. Азиянын чыгыш бөлүгүнө, Кыргызстандын аймагына тийиштүү айрым маалыматтар кездешет: өлкөнүн рельефи тоолуу, башкы суу объектилери — Окс (Аму-Дарыя), Яксарт (Сыр-Дарыя), Чалкар көл (Ысык-Көл) экендиги айтылат, элдер (сактар, усундар ж. б.), алардын социалдык ж-а саясий түзүлүшү ж. б. ж-дө кыскача жалпы түшүнүктөр берилет.

Орто кылымдарда (6—17-к.) Тянь-Шань, Фергана ж-а ага чектеш жерлер саясий жана окуялардын, түрдүү ордолордун, адегенде түрк, кийинчерээк монгол-түрк мамлекеттик бирикмелеринин негизги аймагы болгондугу белгилүү. Түрк хандарынын тушунда Кыргызстандын аймагындагы ири шаарлар — Суяб, Баласагун, Озгон саясий ж-а экономикалык жактан чоң роль ойногон. Буларда түрдүү өлкөлөрдүн элчилери, соодагерлер, саякатчылар ж. б. кезиккен. Илим м-н маданият өнүккөн. Ал мезгилде жазылган эмгектер (Сюань-Цзан, 7-к.; Ибн Хордадбех, 9-к. — 10-к-дын башы; Гардизи, 11-к.; Кашгари, 11-к. ж. б.) Кыргызстандын табияты, калкы, чарбасы ж. б. ж-дө бир катар так маалымат берет. Алар айрыкча Ысык-Көлгө, шаарларга ж. б. элдүү пункттарга, алардын ортосундагы аралыктарга ж. б-га тиешелүү.

Монгол жортуулдары, кийин могол, жунгар өкүмдарларынын ич-ара чатактары Моголстанда (Кыргызстандын аймагы ал кезде Моголстандын маанилүү бөлүгү болгон), ага тынчтык өлкөлөрдө экономиканын бүлүнүшүнө, саясий абалдын тез-тез өзгөрүшүнө алып келген. Мындай шартта илим үзгүлтүккө учуран, билим кеңири таралган эмес. Географиялык түшүнүктөрдө жеткиликтүү прогресс болбогон. Даос кечили Чан Чундун (13-к.), о. азиялык тарыхчылар Закириддин Бабур м-н Мухаммед Хайдардын (16-к.) маалыматтары гана кызыгууларды туудурат. Чан Чунь Түн. Тянь-Шанда ландшафттын өзгөрүшүн, тоолорду, Бабур Ферганаңы, Хайдар Жети-Суу м-н Ысык-Көлдү баландан жазган.

Кыйла мезгилден кийин, 18-к-дан баштап капитализмдин өсүшүнө, өндүрүш, сооданын кызыкчылыктарына байланыштуу О. Азия, Кыргызстандын аймагы жаңы изилдөөлөрдүн аренасына айланат. Бул мезгилдеги изилдөөчүлөрдөн орус саякатчылары И. С. Унковскийди (1723), Ф. Ефремовду (1780-ж. чамасы), француз иезуит-астроному А. Халлерштейнди (1760) атоого болот. Унковский Калмак хандыгынын (Кыргызстандын аймагын кошо) картасын түзүп, Халлерштейн Ысык-Көлдөгү Ак-Теректин чатынын, Ош шаарынын ж. б. координаталарын аныктаган. 19-к-дын 1-жарымында Тянь-Шанды бир катар саякатчылар (индиялык Мир-Иззет-Улла, 1812; орустар А. Л. Бубенов, 1813, 1827; Ф. К. Зибберштейн, 1825 ж. б.) басып өткөн.

Кыргызстанды изилдөө тарыхы миңдеген жылдарга созулса да, 19-к-дын ортосуна чейин анын табияты, эко-

номикасы, калкы, маданияты, тарыхы ж-дө кеңири ж-а туура түшүнүктөр болгон эмес. Ошол кездеги көз караштардын деңгээлин европалык ири окумуштуулар — немецтер А. Гумбольдт (1843) ж-а К. Риттер (1832), орус саякатчылары Т. Ф. Нифантьев м-н Воронихин (1851) эмгектеринен байкоого болот.

Тянь-Шанды илимий изилдөөнүн жаңы этабы 19-кдын 50—60-жылдарынан — Кыргызстан Россияга ыктыярдуу кошулгандан башталды. Ошондон тартып рев-ялга чейинки Кыргызстанды изилдөөлөрдүн тарыхы (Тянь-Шань, бүт Орто ж-а Борб. Азияны изилдөө сыяктуу эле) орус саякатчылары м-н окумуштууларынын ысымдарына байланыштуу. 1856-ж. Батыш Сибирдин администрациясы уюштурган 1-орус экспедициясы Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында топографиялык съёмка (2 чакырымдуу масштабда; 1 чакырым=1,07 км-ге), Ысык-Көлгө батиметриялык ж-а ихтиологиялык байкоолорду жүргүзүшүп, мындагы кыргыздардын социалдык-экон. абалын, турмуш тиричилигин ж. б. изилдеген. Экспедицияга катышкан Ч. Валиханов тарыхый-этнографиялык материалдарды, элдик оозеки чыгармаларды чогултқан, «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн жазып алган. Ал өзүнүн 1858—59-ж. Кашкар саякатынын мезгилинде Тянь-Шанды 2 жолу басып өтүп, 1864-ж. Чүй өрөөнүндө болгон. Ысык-Көлдүн чыгышы, Ички Тянь-Шандын сыртгары ж-дө географиялык очерк жазган. «Сырт — кыйла абсолюттук бийиктиктеги, узата кеткен өрөөндүү, токойсуз, талаа өсүмдүктөрү менен капталган, дыйканчылыкка жараксыз кенен тайпак тоо»,— дейт Валиханов. Бул пикир сырт жөнүндөгү азыркы түшүнүктөрго жакын.

Орус география коомунун аныс мүчөсү П. П. Семёнов (кийин Семёнов-Тян-Шанский) 1856-ж. Тянь-Шанга биринчи саякатын жасап, Ысык-Көлдүн чыгыш ж-а батыш жээктерине келген. 1857-ж. ал Тянь-Шанды изилдөөнү улантып, Нарын м-н Сары-Жаздын башына чейин барган. Ар тараптуу изилдөөлөрдүн натыйжасында окумуштуу Түн. ж-а Борб. Тянь-Шандын айрым жерлеринин геологиялык түзүлүшүн аныктап, андагы вулканизм ж-дөгү А. Гумбольдттун божомолун төгүнгө чыгарат, тоолордо (3500 м-ден жогору) дайыма кар жатарын белгилейт; Сары-Жаздын башындагы өрөөн моңгүлөрүн сыпаттап жазып, тоо ландшафттарынын бийиктик б-ча өзгөрүшүн көрсөткөн. Ал Тянь-Шанда өзү басып өткөн кырка тоолордун (ашуулардын), тоо өрөөндөрүнүн чыныгы гипсометриялык абалын биринчи жолу аныктаган, Ысык-Көлдүн жээгиндеги тектирлерди изилдеп, алардын пайда болушун көл суусунун тартылуу процесси м-н байланыштырган. Бул палеогеографиялык табышмак ушул күнгө чейин чечиле элек. Семёновдун Тянь-Шандагы изилдөөлөрү Ички Азиянын бул бөлүгү ж-дөгү илимий көз караштарга төңкөрүш жасап, Орто ж-а Борб. Азияны географиялык жактан изилдөөнүн жаңы доорун ачты. Тянь-Шандын табиятын изилдөөдөгү ж-а кыргыз эли м-н орус элинин ортосундагы достукту чыңдоодогу зор салымы үчүн 1982-ж. 15-августа П. П. Семёнов-Тян-Шанскийге Ысык-Көл өрөөнүнүн батышына (Рыбачье ш-на) эстелик тургузулду. Валиханов м-н Семёновго удаа эле Кыргызстандын ар кайсы районторуна орус ж-а чет элдик илимий коомдордун ж-а мекемелердин экспедициялары келген. Мында өлкөнү ар тараптан изилдөөдөгү башкы роль Орус географиялык коомуна (ОГК) таандык болгон. Ал рев-ялга чейинки мезгилде гана өз алдынча, о. эле башка мекемелер м-н бирге 70-тен ашык экспедицияны ж-а айрым изилдөөчүлөрдү Тянь-Шань м-н Памир-Алайга жиберген. 19-к-дын 2-жарымында Кыргызстандын табиятын изилдөөдө Н. А. Северцов, А. В. Каульбарс, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, Г. Д. Романовский, А. Н. Краснов ж. б. көрүнүктүү орунду ээлейт. Северцов өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында Тянь-Шандын, Алай-Түркстан тоо системасынын, Чыгыш Памирдин көп районторунун орографиясын, геологиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн, алардын байыркы муз каптоого дуушар болгонун биринчи жолу аныктап, тоо ландшафттарынын бийиктик алкактуулугун тактаган. Чогулган кеңири материалдардын негизинде О. Азия м-н Жети-Суунун омурткалуу жаныбарларынын түрдүк составын, алардын географиялык таралышын, региондук айырмачылыгын изилден, Түркстандын зоогеографиясына негиз салган.

А. П. Федченко Алай-Гиссар тоо системасы м-н Фергана айланасынан омурткасыз жаныбарлардын кеңири коллекциясын чогултқан. Барган жерлеринин, анын ичинде бийик тоолуу Алай өрөөнүнүн да табиятын баяндап жазып, мурунку Кокон хандыгынын биринчи картасын түзгөн. Федченко жыйган материалдар кийин 22 томдуу эмгек болуп жарык көргөн.

О. Азиянын геологиясына негиз салган И. В. Мушкетов (1874—80, 1887) м-н Г. Д. Романовский (1874—79) Тянь-Шань, Памир-Алай тоолорунун өөрчүү тарыхын, алардын тектоникалык өнүгүүсү м-н рудалануусунун негизги этаптарын көрсөтүп, крайдын минерал ресурстары ж-дө жазышкан. ОГКнын Кан-Теңир экспедициясына (1886) катышкан ботаник ж-а географ А. Н. Краснов өзүнүн баалуу чоң монографиясында (1888) Тянь-Шандын өсүмдүктөрүнүн географиялык таралышын, бийиктик зоналуулугун ж-а системалык болүнүшүн биринчи жолу аныктап, анын флорасынын тарыхый өнүгүшү м-н эволюциясын талдаган. Ал Тянь-Шандын ж-а бүткүл О. Азиянын флорасын палеоген-неоген флорасынын абдан өзгөрүүсүнүн (географиялык чөйрөнүн узак убакыт бою өзгөрүү таасиринен) натыйжасы катары караган.

Кыргызстандын аймагында топографиялык съёмкалоо ж-а астрономия-геодезиялык иштер калган изилдөөлөр м-н мезгилдеш же көпчүлүк учурларда алардан мурун жүргүзүлгөн. Крайды изилдөөдө ж-а чарб. жактан өздөштүрүүдө бул иштердин мааниси чоң болгон. Аймактын геогр. абалын так аныктоо биринчи жолу Ысык-Көлдө А. Ф. Голубев (1859), Чүй өрөөнүндө К. В. Струве (1865) тарабынан жүргүзүлгөн. Кийинчерээк бул иштер Тянь-Шандын ички районторунда (К. В. Шарнгорст, 1872; Ю. А. Шмидт, 1892—98), Фергананын айланасы м-н Алайда (А. Р. Бонсдорф, 1876; П. К. Залесский, 1879, 1909 ж. б.) ишке ашырылган. Аянттык 2 чакырымдуу топографиялык съёмка (1856-жылдан баштап), 5 чакырымдуу рекогносцировка, чарбалык съёмка ж. б. ири масштабдуу иштер Кыргызстандын өрөөндүү гана районторун эмес, көптөгөн тоолуу аймактарын да камтыган. Булардын негизинде алгачкы геогр. карталар түзүлүп, рельефи м-н суу тармактарынын өзгөчөлүгү, алардын бийиктик ж-а мейкиндик б-ча бөлүнүшү аныкталган. Падышачылыктын ири социалдык тапшырмасын аткаруу максатында 20-к-дын башында Кыргызстанда, О. Азиянын башка районторунда адистештирилген ж-а комплекстүү бир катар экспедициялар (геологиялык, топурак-ботаникалык, статистика-экон., гидротехникалык ж. б.) иштеген. Алар көп байлыктарды, суу ресурстарын, жерди сугарууну ж-а өздөштүрүүнүн жолдору м-н ыкмаларын изилдешкен.

Алардын ичинде масштабы ж-а мааниси б-ча Келгиндер башкармасынын топурак-ботаникалык экспедициялары (1908—14) айрыкча мааниге ээ болгон. Ботаниктер Б. А. Федченко, В. В. Сапожников, топурак таануучулар С. С. Неуструев, Л. И. Прасолов, А. И. Безсонов, агроном-зоолог В. Н. Шнитников жетектеген отряддар Кыргызстандын бардык негизги районторун изилдеген. Алар Тянь-Шандын топурагы м-н өсүмдүктөрүнүн негизги типтерин (анын ичинде С. С. Неуструев биринчи болгон боз топурак да бар), географиялык жайгашышын аныктап, топурак-географиялык ж-а өсүмдүктөр картасын түзгөн.

Бул мезгилде Чүй өрөөнүндө (инженер В. А. Васильевдин партиясы, 1910—17). Фергана айланасында (инженер Н. Н. Епанчиндин партиясы, 1913—15), Орто Нарында, Чаткал м-н Көкөмеренди алабында (инженер И. Г. Александровдун партиясы, 1913—16) комплекстүү мунөздөгү атайын ири изилдөөлөр жүргүзүлүп, аталган райондордун жер, суу ресурстарын пайдалануу проблемасын иштеп чыгуу башталган. Чыгыш Фергана (Д. И. Мушкетовдун партиясы, 1909—16), Түш. Фергана (В. Н. Вебердин партиясы, 1909—15) ж-а Ысык-Көлдүн аймагында (В. П. Половниковдун партиясы, 1914—15) жүргүзүлгөн геологиялык съёмкалар жалпы географиялык, айрыкча изилденген райондордогу тоолордун байлыктары ж-а азыркы муз каптоолору ж-дө баалуу маалыматтарды берген.

Өткөн кылымдын 80-жылдарынан баштап, өзгөчө 1910-жылдан станционардык гидрометеорологиялык изилдөөлөр өнүккөн. 1910—15-жылдарда Кыргызстандын аймагында 12 метеорологиялык, 6 гидрометриялык станция, 66 гидропост ж-а 17 жаан-чачын өлчөгүч болгон. Буга чейин эле булардын айрымдары — Ош ж-а Пржевальск (1881-жылдан), Нарын (1885-жылдан) метеорология станциялары 30 жылдан ашык үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүп келген. Мына ушул байкоолордун материалдары 1912—18-ж. басылып чыккан маанилүү гидрометеорологиялык эмгектердин (В. Г. Глушков, Э. М. Ольдекоп ж. б.) негизин түзгөн.

Кыргызстандын табиятын изилдөөгө чет өлкөлүк изилдөөчүлөр — француз Г. Капю (1881, 1887), швед С. Гедин (1890, 1893), немецтер Г. Мерцбахер (1892, 1902—03), М. Фридрихсен (1902), америкалыктар В. Девис, Э. Хантингтон (1903), венгрлер Д. Алмаши (1900), Д. Принц (1906—1909), австриялык Ф. Махачек (1911, 1914) ж. б. да өз салымдарын кошуп, Тянь-Шань м-н Памир-Алайдын геоморфологиясы, палеогеографиясы, гляциологиясы ж-дө жаңы маалыматтарды берген.

Негизги изилдөөлөр Петербург, Москва, Омск, Ташкен ж. б. шаарлардын илимий мекемелери, коомдору ж-а ведомстволору тарабынан жүргүзүлсө да, өлкөнү географиялык жактан изилдөөдө жерг. кыргыз, казак, өзбек, тажик элдери ж-а келгин орустардын өкүлдөру маанилүү роль ойногон. Экспедицияларга өлкөнүн табиятын, жол катнашын билген жергиликтүү диллгир адамдар катышкан; алар, о. эле отряддарга унаа, азык-түлүк, керектүү буюм д. у. с-ларды беришип, көмөк көрсөтүшкөн. Жерг. элдин жардамысыз, колдоосусуз О. Азияда бир да илимий экспедиция ишке ашкан эмес. Өлкөнүн табияты, калкы, духовный ж-а материалдык маданияты ж-дө жергиликтүү элден чогултулган ар түрдүү маалыматтар жарыяланган илимий эмгектердин кыйла бөлүгүн түзгөн.

Кыргыздар Тянь-Шань м-н Памирдин топографиясын, гидрографиясын, климаттык шарттарын, өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн жакшы билишкен, өлкөнүн табигый ресурстарын чарбачылыкта, турмуш тиричиликте кеңири пайдаланышкан. Элдик даанышмандыкка көзү жеткен өсөнчи, кыбачы, уламачылар эмпириялык табигый-тарыхый билимге, космогониялык ж. б. абстракция-философиялык түшүнүктөргө да өгедер болушкан. Ал түшүнүктөр жерг. топонимия м-н элдик оозеки чыгармаларда да чагылдырылган. Крайды ар тараптан үйрөнүүдө жерг. изилдөөчүлөрдөн пишпектик А. М. Фетисов м-н Ф. В. Поярковдун, пржевальскилик С. Абдыбеков, Я. И. Корольков ж-а А. А. Куценконун, нарындык О. Е. Неживовдун, оштук Ф. Касымбековдун ж. б. ролу чоң.

Негизинен рев-ялга чейинки изилдөөлөр Кыргызстандын табиятынын жалпы мүнөзүн, өлкөнүн ж-а аның айрым бөлүктөрүнүн географиясы м-н чарбасынын, табигый кубулуштардын көз бир өзгөчөлүктөрүн аныктаган. Табияты үйрөнүүдө көп ийгиликтер болгону м-н, Кыргызстанды географиялык жактан изилдөөлөр негизинен ыраатсыз түрдө жүрүп, толгон илимий проблемалар чечилбей кала берген.

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин илимий изилдөөлөр сан жагынан да, сапат жагынан да түп тамырынан өзгөрдү. Системалуу ж-а пландуу, кеңири масштабдагы комплекстүү илимий изилдөөлөр граждандык согуш алктан, Кыргыз АССРи түзүлгөндөн, б. а. 20-жылдардын ортосунан жүргүзүлө баштаган. Алгачкы жылдарда изилдөөлөр негизинен борб. ж-а о. азиялык илимий ж-а өндүрүштүк мекемелер тарабынан ишке ашырылган. Ал кезде жаш реси-канын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө өзүнүн кадрлары жок болучу. Советтик мезгилде Тянь-Шань м-н Алайды алгачкылардан болуп О. Азия мамл. университи (ОАМУ, азыр ТашМУ) м-н Геологиялык комитеттин кызматчылары изилдешкен. Алар өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн ар тараптан изилдөөнү 20-жылдардан баштаган. Кыргызстанды изилдөөдө СССР ИАнын экспедицилары чоң роль ойноду. Академиялык отряддар 1924-жылдан тартып реси-канын бардык негизги районторунда болуп, ондогон кен байлыктарын ж. б. табигый ресурстарды ачкан. Айрыкча СССР ИАнын адистештирилген (ар биринде 100дөн 150гө чейин илимий кызматкер болгон) 12 отряддан турган (геологиялык, геоморфологиялык, а. ч. ж. б.) «Кыргызстан комплекстүү экспедициясынын» (1932—33) мааниси зор. Аның изилдөөлөрү минералдуу суу, гидроэнергия, топурак, тоют ж. б. табигый ресурстар ж-дөгү маалыматтарды, реси-канын чарбасын адистештирүү ж-а экономиканы соц. негизде кайра куруу б-ча рекомендацияларды берген. Ал рекомендациялар Сов. Кыргызстандын эл чарбасы м-н маданиятын өнүктүрүүнүн 5 жылдык пландарында чагылдырылган.

Кийинки академиялык изилдөөлөр [Чүй айыл чарба экспедициясы (1934—37), Өндүрүч күчтөрдү изилдөө б-ча советтик (ӨКИС) Түш. Кыргызстан экспедициясы (1943—44), География институтунун Түн. Кыргызстан экспедициясы (1945—53), Геофизика институтунун Түн. Тянь-Шань экспедициясы (1949—52), Көл таануу институтунун Тянь-Шань экспедициясы (1971—1980) ж. б.] Тянь-Шань м-н Алай-Түркстан тоо системасынын табияты ж-дө соңку көз караштардын негизин түзгөн, геологиялык өнүгүүнүн тарыхы, азыркы ландшафттын түзүлүшү, табигый процесстердин динамикасы ж-а мүнөзү ж-дөгү көп маселелерди жаңыча кароого, табигый ресурстарды баалоо ж-а чарбачылыкка пайдалануу жолдорун табууга мүмкүндүк берген. Академиялык мекемелер м-н катар илимий изилдөөлөрдү борб. ведомстволук, илимий өндүрүштүк ж-а долбоорлоо мекемелери — Борб. илим изилдөө геологиялык-чалгындоо институту (кийин ал — Бүткүл союздук илим изилдөө геология институту), Борб. жол транспорт башкармасы ж. б., жогорку окуу жайлары (Ленинград мамл. университети, Москва мамл. университети, ОАМУ), о. эле Украинанын илимий мекемелери да жүргүзүшкөн. Реси-канын өндүргүч күчтөрүн изилдөөдө 30-жылдардын ортосунан жерг. илимий ж-а өндүрүштүк мекемелеринин (Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария илим изилдөө институту, 1931-ж. уюшулган; Кыргызстан Гидрометеорология башкармасы, 1933-ж.; Кыргыз ССР геология башкармасы, 1938-ж. ж. б.), жогорку окуу жайлардын ролу арта баштаган. Жерг. илимий күчтөрдүн ишмердиги 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы (1954-жылдан Кыргыз ССР ИА) м-н Кыргыз мамл. университети (1951) уюшулгандан айрыкча күчөгөн.

Азыркы мезгилде табигый шарттарды ж-а ресурстарды, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү маселелерин изилдөөнү реси-када Кыргыз ССР ИА башында турган ондогон илим изилдөө мекемелери, жогорку окуу жайлары, бир катар долбоорлоо институттары, өндүрүштүк мекемелер м-н ведомстволор жүргүзөт. Булардын ичинде атайын географиялык багытта иштеген бир катар структуралык мекемелер ж-а ячейкалар (Гидрометеорология ж-а айлана-чөйрөнү контролдоо б-ча Кыргыз реси-калык башкармасы, Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык география стационары, М. М. Адышев атн. Геология институтунун география болүмү, Кыргыз мамл. университетинин география факультети ж. б.) бар. Алардын илимий багытын Кыргыз ССР География коому (1947-ж. түзүлгөн) координациялайт. Акыркы 30—40 жылда реси-када география илимдеринин түрдүү

тармактары б-ча атайын тематикалык изилдөөлөр аткарылды. Эл аралык геофизикалык жыл (1957—59), Эл аралык гидрологиялык он жылдык (1964—74), моңгүлөрдү каталогдоштуруу б-ча программалар ж. б. маанилүү изилдөөлөрдүн пайдубалы Тянь-Шань м-н Алайдын табигый ресурстарын толук эсепке алууга ж-а так баалоого мүмкүнчүлүк берди. Өндүргүч күчтөрдү изилдөө географтар, илимдин түрдүү тармактарынын адистери м-н бирге системалуу, пландуу, кеңири масштабда, алдыңкы так методдорду ж-а илимий аппаратураларды колдонуу м-н жүргүзүлүүдө. Алардын негизинде ири монографиялар жазылып, атайын карталар түзүлүп, эл чарбасы үчүн маанилүү рекомендациялар, сунуштар берилди. Мындан аркы илимий изилдөөлөр табигый кубулуштар м-н аймактык комплекстердин структура, динамика ж-а генезисин үйрөнүүгө, табигый ресурстарды рационалдуу пайдалануу га, айлана-чөйрөнү коргоого ж-а эл чарбасын өнүктүрүүгө байланыштуу проблемаларды иштеп чыгууга багытталган. Алар география ж-а ага тектеш илимдердин дагы тез өсүшүнө алып келген.

С. Өмүрзаков

РЕЛЬЕФИ

Кыргызстан Тянь-Шандын батыш бөлүгүн ж-а Памирдин түн.-чыгышындагы бир аз аймакты ээлеп, негизинен кеңдик багытта жаткан тоо тизмектеринен турат. Рельефи формаларынын ото ар түрдүүлүгү ж-а бийиктиктин кескин айырмаланышы (500дөн 7 439 *м*ге чейин) м-н мүнөздөлөт. Абсолюттук бийиктиги 4 000 *м* ж-а андан да жогору (6 000—7 000 *м*ге) чейин. Эң бийик жери — Жеңиш чокусу (7 439 *м*). Орточо бийиктиги 2 500—3 000 *м*, басымдуу бийиктиги 3 800—4 200 *м*. Кыргызстандын аймагынын дээрлик 90% 1 500 *м*ден бийик жатат. Жалпысынан чыгыштан (4 500—5 000 *м*ден) батышты карай (3 500—4 000 *м*) жаныздайт.

Кыргызстандын рельефинин бийиктик деңгээли


Бийиктиги, *м*	Бийиктик алкты	
	км²	%
1000ге чейин	11796	5,8
1000—1500	14499	7,5
1500—2000	29959	15,1
2000—2500	29299	14,7
2500—3000	31997	16,1
3000—3500	35148	17,8
3500—4000	32111	16,2
4000деп жогору	13691	6,8
Бардыгы:	198500	100

Тянь-Шань көптөгөн кырка тоолор м-н тоо аралык өрөөндөрдүн татаал айкалышынан турат. Четки ири кырка тоолор Тянь-Шанга тутумдаш жайгашкан түздүктөрдөн (Чүй, Иле, Тарим ж. б.) бир кыйла бийик көтөрүлүп жатат. Кыргызстандын аймагынын басымдуу бөлүгүн (60—65%) терең ж-а ото тилмеленген рельефтүү тоо кыркалары ээлейт. Көпчүлүк кырка тоолордун узундугу 100—300 *км*ге, туурасы 10—40 *км*ге



Ара-Бел сырттары.

жетет. Эң узун кырка тоолор: Какшаал, 582 *км;* Кыргыз Ала-Тоосу, 454 *км*. Айрым райондордо кырка тоолор тутумдашып, ири тоо тоомдорун түзөт: Кан-Теңир-Мухтаг (мында Тянь-Шандагы эң бийик чокулар — Жеңиш, 7 439 *м* ж-а Кан-Тоо, 6 995 *м* жайгашкан), Ак-Шыйрак, Кемин-Челек, Талас-Чаткал, Матча ж. б. Тянь-Шандын көпчүлүк кырка тоолору Борб. Тянь-Шандан батышка карай салаалануу тарап, барган сайын кеңейип, бийиктиги жаныздайт. Түш., Ички ж-а Борб. Тянь-Шандын тоолору негизинен кеңдик же ага бирдейирээк багытта жатат; Борб. Тянь-Шандагы Меридиан, о. эле Ички ж-а Түш.-Батыш Тянь-Шанды бөлүп



ФИЗИКАЛЫК КАРТА



КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ . САЯСИЙ-АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК БӨЛҮНҮШҮ

ТАЛДЫ-КОРГОН ОБЛАСТЫ

КАЛКТУУ ПУНКТТАР

АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК МААНИСИ БОЮНЧА

- Союздук республикалардын борборлору — ТАШКЕНТ
- Область борборлору — ФРУНЗЕ
- Район борборлору — Ош
- Айыл-кыштактар — Пржевальск

КАЛКТЫН САНЫ БОЮНЧА

Шаар тибиндеги поселкалар:
- 1 000 000 дон жогору
- 300 000 ден 1 000 000 го чейин
- 100 000 ден 300 000 ге чейин
- 30 00 ден 100 000 ге чейин

Шаар тибиндеги поселкалар:
- Нарын 10 000 ден 30 000 ге чейин
- Восточный 10 000 ге чейин
- Чуй 10 000 ден 30 000 ге чейин
- Нарынкол 10 000 ге чейин

Шаар тибиндеги поселкалар

СССРдеги кыштактар, чет мамлекеттердеги шаар же кыштак тибиндеги калктуу пункттары

ЧЕК АРАЛАР

- мамлекеттик
- СССР союздук республикаларыныкы
- областтардыкы
- автономиялуу областтардыкы
- райондордуку

ЖОЛ КАТНАШТАРЫ

- темир жолдор
- рельсасыз жолдор
- 189 кеме жолдору, аралыгы км менен


Эскертүү: 1 Райондун борборлору Кыргыз ССРинин аймагында гана көрсөтүлгөн
2 Борборуна аты уйкаш административдик белүнүштөрдүн аттары картада көрсөтүлгөн жок


МАСШТАБЫ 1:3 000 000

30 0 30 60 90 120 км

Административдик белүнүштү 1982 жылдын февраль айына карата берилди

ФИЗИКАЛЫК КАРТА





Кыргызстандын кырка тоолору

Кырка тоолордун, алардын бийик чокуларынын (кашаа ичинде) аттары	Кырка тоонун узундугу, км	Эң жазы жери, км	Эң бийик жери, м	Орточо бийиктиги, м
I Борбордук Тянь-Шань				
Адыр-Тор	34	8	4057	4420
Ак-Шыйрак (Эл Комиссарлар Совети чокусу)	60	28	5126	4720
Ат-Жайлоо	36	9	4477	4200
Кайыңды	66	14	5721	4900
Кан-Теңир (Кан-Тоо чокусу)	38	9	6995	6000
Какшаал (Жениш чокусу)	582	54	7439	4500
Ашуу-Тор	32	15	6637	5000
Койкап	30	8	5117	4000
Кооло	52	21	5281	4600
Май-Баш	24	16	6088	4900
Меридиан (Достук чокусу)	80	40	6800	5050
Сары-Жаз (Семёнов чокусу)	113	16	5816	4730
Теректи	48	11	4930	4370
Эңилчек (Нансен чокусу)	60	12	5679	5100
Эшегарт	50	12	4384	4220
II Түндүк Тянь-Шань				
Иле Ала-Тоосу (Талгар)	125	30	4973	3750
Каштек	45	10	2782	2680
Кемин (Таза-Кемин)	36	10	3891	3120
Кыргыз Ала-Тоосу (Ала-мудун)	454	40	4855	3700
Күнгөй Ала-Тоо (Чон-Тал)	285	32	4771	4200
Ортон-Тоо (Шумкар)	35	8	2506	2300
Талас Ала-Тоосу (Манас)	260	40	4488	3930
Эчкили-Тоо	42	9	2162	1750
III Ички Тянь-Шань				
Ак-Шыйрак	40	10	4036	3400
Ат-Башы	140	30	4786	4280
Байбиче	140	13	4434	3890
Байдулу	56	11	4147	3790
Борколдой	130	34	5049	4500
Жаман-Тоо же Арпанын Ала-Тоосу	110	16	4737	4000
Жаңы-Жер	104	17	4844	4000
Жетим-Бел (Соок)	102	12	4620	4170
Жетим (Молдо-Башы)	120	24	4931	4280
Жумгал	54	15	4121	3830
Кабак	40	16	4144	3390
Капка-Таш	71	10	3964	3550
Кара-Жорго	66	12	3933	3600
Кара-Каман	50	14	4343	3860
Кара-Мойнок	64	16	4281	3850
Кок-Ирим	60	38	4351	3770
Корпо-Тоо	36	18	4556	4180
Кызарт	30	16	4400	3800
Молдо-Тоо	110	26	4418	3630
Нарын	184	18	4944	4230
Нура	45	24	4288	3940
Сандык	50	12	3947	3570
Сары-Камыш	39	17	4042	3780
Соңкол	92	9	3956	3560
Суусамыр	130	31	4048	3520
Таңдалык	54	6	3909	2900
Тескей Ала-Тоо (Каракол)	354	40	5280	4290
Торугарт	64	20	5108	4470
Уч-Эмчек	52	18	4519	3920
Чакыр-Корум	50	8	4557	4340
IV Батыш Тянь-Шань				
Ат-Ойнок	70	16	3808	3320
Бабаш-Ата (Бабаш-Ата)	20	8	4427	3480
Боозу-Тоо	30	14	2876	2470
Исфан-Жайлоо	34	6	3701	3040
Кара-Кыр	36	12	4696	3930
Карды-Тоо	31	7	4129	3450
Качура	34	10	4498	3950
Кок-Суу (Чатыр-Добо)	120	25	3769	2690
Курама	120	15	3816	3200
Пскем	141	20	4396	3950
Сөөгүн-Добо	26	11	2298	2180
Терс	30	16	3835	3330
Узун-Акмат	40	14	4164	3150
Фергана (Уч-Сейит)	206	62	4940	3620
Чандалаш	72	10	4114	3550
Чаткал (Афлатун)	225	30	4503	3800
Чоң-Боор-Тоо	42	10	3907	3220
V Түш. Тянь-Шань				
Адыгине	20	6	3843	3170
Ак-Башат	30	9	2879	2570
Ак-Туур	50	11	4503	3760
Алай	350	20	5539	4450
Алайкуу (Согот)	130	15	4754	4190
Дауд	21	6	4147	3580
Катыран	44	8	3373	2990
Коллектор (Талкуш)	55	15	5259	4450
Кичи-Алай (Гезарт)	78	20	4954	4570
Кулдук-Тоо	31	7	5180	4190
Курук-Сай	31	5	4467	4140
Олокон-Тоо (Уларлы)	30	10	4630	3940
Текелик	27	12	5126	4410
Терек-Тоо	60	13	4754	4000
Түркстан (Аскалуу)	300	30	5621	4430
Түюк-Суу	32	16	4540	3980
Чакан-Таш	21	8	4319	3590
Памир-Алай				
Чоң-Алай (Ленин атн. чоку)	250	40	7134	5460

турган Фергана кырка тоолору гана багыты б-ча өзгочолонүп турат. Ички Тянь-Шандын чыгыш жак болүгүнүн көбүн бийик тоолуу сырт (Ара-Бел, Кум-Тор, Кара-Сай ж. б.) ээлеп, ал капталдары жантайыңкы кырка тоолордун аралыгындагы байыркы түздүктөр-



Алай өрөөнү. Артқы планда Чоң-Алай кырка тоосу.

дөн орун алган. Батыш ж-а Түш.-Батыш Тянь-Шандын кырка тоолору түрдүү багытта созулуу м-н Фергана өрөөнүн ар тараптан курчап турат. Фергана тоо тизмеги түн.-батыштан түш.-чыгышка карай созулат. Бул аймактагы тоолорго куликса сымал түзүлүштөр мүнөздүү. Алай ж-а Түркстан кырка тоолору Фергана өрөөнүн түштүгүнөн курчап, кеңдик багытта созулуп жатат. Алай өрөөнүнүн түштүгүндө Түш. Кыргызстандагы эң бийик кырка тоо — Чоң-Алай жайгашкан. Анын Тянь-Шандагы көчүлүк тоолордон айырмачылыгы — мезозойдо пайда болгон тоо тектерден түзүлүп, тепши сымал өрөөндөр м-н өтө тилмеленгендигинде. Орточо бийиктиги 5460 *м*, эң бийик жери — Ленин атн. чоку, 7 134 *м*. Тоо аралык өрөөндөр Кыргызстандын аймагын Түн., Ички Тянь-Шанга ж-а Түш. Тянь-Шандын негизги кырка тоолорун бир биринен бөлүп турат. Алардын ирилери Ысык-Көл, Суусамыр, Нарын, Ат-Башы, Ак-Сай — Арпа, Кетмен-Төбө. Тянь-Шань ж-а Памир тоолору Чүй, Талас ж-а Фергана өрөөндөрүн курчап жатат.

Тянь-Шандын ж-а Памирдин түн. бөлүгүнүн азыркы рельефинин калыптанышында соңку тектоникалык кыймыл негизги ролду ойногон. Бул эки тоо системасында соңку тектоникалык кыймылдын режими (ылдамдык мөөнөтү) ж-а рельефтин неоген-антропогендеги өөрчүү тарыхынын негизги этаптары бирдей болгон. Тоо пайда болуунун алдындагы этап негизинен палеогендин акырында аяктаган. Бул мезгилде Тянь-Шань тоолорунун ордунда түздүктүү рельеф болуп, жогору көтөрүлүүгө караганда төмөн ийилүү кыймылы тезирээк жүргөн ж-а чөкмөлөрдүн топтолушуна шарт түзүлгөн. Б. а. жогору көтөрүлүү жуулуу-талкалануу м-н дээрлик бирдей болуп, түздүктүү рельефтин тилмелениши анча тереңдей алган эмес. Соңку тектоникалык кыймыл мезгилинде Тянь-Шанда тоолордун көтөрүлүшү өөрчүгөн

Кыргызстандын ороондору

Ороондордун аттары	Ороондун таманынын абсолюттук бийиктиги, м	Таманынын деңгээлиндеги узундугу, км	Таманынын деңгээлиндеги эң жазы жери, км	Курчап турган тоолор
I Жапыз жайгашкан ороондор				
Баткен	900—1800	60	24	Ак-Таш, Акун-Тоо
Исфара-Исфана	900—1600	120	26	Туркстан, Бели-Сынык, Адыгине
Кемин	1400—1800	29	8	Кунгой Ала-Тоо, Иле Ала-Тоосу
Кетмен-Тобо	800—1800	50	22	Суусамыр, Талас, Ат-Ойнок, Танталык, Кок-Ирим
Кокомерен — Нарын	900—1600	40	6	Сары-Камыш, Кабак-Тоо, Молдо-Тоо, Кок-Ирим
Ноокат	1200—1700	45	14	Оюлма, Жалгыз-Арча, Сырт
Талас (төмөнкү)	700—1000	20	10	Эчкили-Тоо, Кыргыз Ала-Тоосу, Ак-Таш
Талас (жогорку)	800—1700	140	26	Талас Ала-Тоосу, Кыргыз Ала-Тоосу, Ак-Таш, Эчкили-Тоо
Фергана	400—1200	340	160	Фергана, Бабаш-Ата, Чаткал, Алай
Чүй	500—1400	250	60	Кыргыз Ала-Тоосу, Киндик-Таш
II Орто бийиктикте жайгашкан ороондор				
Алайкуу	1900—3000	75	15	Фергана, Алайкуу
Доңуз-Кудук — Орто-Токой	1700—2000	40	7	Кызыл-Омпол, Чоломо, Тегерек, Карагоо
Жогорку Гүлчө	1900—3000	40	12	Алай, Терек-Даван, Туюк-Суу
Жумгал	1500—2600	80	30	Жумгал, Кабак, Соңкол
Каракол	1600—3000	97	7	Кыргыз Ала-Тоосу, Орток-Тоо
Кегарт	700—2000	90	12	Серүүн-Добо, Кулжа-Эмбес, Каду, Карлуу-Тоо
Коңур-Өлөң — Ала-Баш	2000—2100	40	7	Тескей Ала-Тоо, Тегерек, Ак-Бакшы
Кочкор	1900—2200	80	20	Кыргыз Ала-Тоосу, Кара-Күнгөй, Тескей Ала-Тоо, Кара-Мойнок
Миң-Куш	1400—3100	36	2	Кабак, Молдо-Тоо
Ортоңку Нарын	1500—2600	170	54	Молдо-Тоо, Нура, Нарын, Жаман-Тоо, Ак-Шыйрак
Тогуз-Торо	1200—2000	66	30	Фергана, Кок-Ирим, Молдо-Тоо, Ак-Шыйрак, Чаар-Таш
Тоолук-Сарыгарт	1500—2200	40	6	Суусамыр, Тоолук, Орто-Бел
Уч-Кошой	1600—3000	60	12	Орток-Тоо, Талас Ала-Тоосу
Чаткал	900—2500	200	20	Чаткал, Чандалаш, Пскем
Шаймерден — Исфайрам	1100—2700	96	30	Катыран, Коллектор, Кичи-Алай
Ысык-Көл	1600—2300	275	65	Күнгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо
III Бийик тоолуу ороондор				
Ак-Сай (Мүрдүрүм)	3000—3800	80	18	Жаңы-Жер, Ат-Башы, Какшаал
Ак-Сай (Батыш)	3000—3800	81	28	Ат-Башы, Жаңы-Жер, Какшаал, Кок-Кыя
Ак-Шыйрак	3000—3600	60	6	Ак-Шыйрак, Эшегарт, Борколдой
Алай	2200—3500	165	25	Алай, Чоң-Алай
Ара-Бел — Кум-Тор	3400—3800	52	14	Тескей Ала-Тоо, Жетим-Бел, Ак-Шыйрак
Арпа	2600—3600	60	32	Жаман-Тоо, Фергана, Торугарт, Ат-Башы
Ат-Башы — Кара-Коюн	2000—3200	160	27	Ат-Башы, Нарын, Байбиче-Тоо, Жаман-Тоо
Балгарт	2700—3400	82	7	Жетим-Бел, Жетим, Уч-Эмчек
Боз-Жалпак	3400—3800	21	4	Ак-Зоо, Борколдой, Какшаал
Жогорку Нарын (Тарагай)	2600—3600	130	20	Жетим-Бел, Жетим, Борколдой, Ак-Шыйрак
Каракужур	2500—3200	80	6	Тескей Ала-Тоо, Кара-Жорго, Карагатты
Кок-Өйрөк	2300—3100	55	3	Күнгөй Ала-Тоо, Иле Ала-Тоосу
Кичи-Алай-Турук	2200—3000	30	6	Кичи-Алай, Алай
Сары-Жаз	2700—3600	108	5	Тескей Ала-Тоо, Сары-Жаз
Соңкол	3000—3400	60	30	Соңкол, Боор-Албас, Молдо-Тоо
Суусамыр	2000—3200	150	24	Кыргыз Ала-Тоосу, Суусамыр, Жумгал
Узоңгу-Кууш	2600—3800	80	4	Борколдой, Какшаал
Чатыр-Көл	3500—3600	48	18	Ат-Башы, Торугарт
Эчилчек	2500—3000	106	3	Эчилчек, Сары-Жаз

Эскертүү: Кырка тоолор м-н ороондордун бийиктигин, узун-туурасын көрсөтүүдө таталган маалыматтар келтирилди.

ж-а рельефтин терең тилмелениши ылдамдаган, ойдуңдарда чөкмө тектердин топтолуу зонасы кескин азайган. Рельефтин алгачкы тоо пайда болуу стадиясы неоген мезгилин бүт камтып, антропогендин башталышында бийик тоолорду моңгү каптоо м-н аяктаган. Бул мезгилде Тянь-Шань бийик тоолуу аймакка айланып, тилмеленүүнүн орточо терендиги 400дөн 700 *м*ге, эң бийик тоолордо 1 300 *м*ге жеткен. Чүй ороонунун төмөн ийилүүлүү ылдамдыгы жылына 0,3—0,4 *мм*, Фергана ороонунун түш.-чыгыш бөлүгүнүкү миоценде 0,05—0,14 *мм*, плиоцен м-н антропогендин башында ал 0,1—0,3 *мм*ге жеткен. Неогенде Ысык-Көл ороонунун көнчүлүк бөлүгү жылына 0,1 *мм*дей ылдамдыктагы ийилүү зонасына айланган.

Тоо пайда болуунун экинчи стадиясы ортоңку плейстоценден голоцендин аягына чейин созулган. Бул мезгилдеги тилмеленүүнүн жалпы терендиги болжол м-н тоо пайда болуунун биринчи этабындагыдай эле өлчөмгө (700 *м*) жеткендиги антропогендин башталышынан кийинки көтөрүлүү кескин ылдамдаганын айгинелейт. Натыйжада бул этаптын соңку тектоникалык кыймылынын күчөө мезгилинде Тянь-Шанда бийик тоо рельефи пайда болуп, тоолордун көнчүлүгүн моңгу каптаган. Төмөн ийилүүгө караганда көтөрүлүү тезирээк жүрүп, айрым жерлерде анын ылдамдыгы жылына 0,6 *мм*ге жеткен.

Тянь-Шандын рельефи үч негизги яруска бөлүнөт. Алар тоо жаралууга чейинки мезгилге ж-а байыркы муз каптоо м-н аяктаган тоо пайда болуунун негизги эки стадиясына туура келет. Бийик тоолордун көнчүлүгүн төрт жолу — антропогендин башталышында, ортосунда, аягында ж-а соңку мезгилде муз каптаган.



Аркыт ороону. Сары-Челек деңсоосу.

Рельефине антропогендин орто ченинде жүргөн муз каптоо ото таасир көрсөткөн, ал муз каптоонун аракетинен пайда болгон ири трогдор (тешик сымал ороондор) ороондордун төрлөрүндө азыркыга чейин сакталып калган. Антропогендин аягындагы ж-а соңку моңгүлөрдүн издери негизинен моренанын калдыктары, зандр талаасы ж. б. түрүндө антропогендин ортосунда пайда болгон тешик сымал ороондордун ортоңку ж-а жогорку бөлүктөрүндө, азыркы моңгүлөрдүн капталдарында ж-а этектеринде кездешет.

Жогорку ярус. Байыркы түздүктөрдүн калдыктары тоолордун жогорку ярусундагы рельефтин эң байыркы элементи болуп саналат. Алар Күнгөй Ала-Тоонун батыш ж-а түш. капталдарында, Иле Ала-Тоосунун батышында, Тескей Ала-Тоонун түш.-чыгыш бөлүгүндө, Какшаал кырка тоосунун түн. капталында, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш ж-а Чаткал кырка тоосунун түн. капталдарында жакшы сакталган. Алар Тянь-Шандын аймагында кеңири таралган байыркы пенеплендин калдыктары болуп эсептелет. С. С. Шульц Тянь-Шандагы байыркы түздүктөрдүн пайда болушунун өөрчүп бүткөн мезгили кыргыз кызыл түстүү чөкмө тоо тек катмарынын пайда болуу процессинин аякташына чейин созулган деген корутундуга келип, ал катмардын үстүңкү бөлүгүн Фергананын олигоцен-миоцен мезгилинде пайда болгон кызыл түстүү чөкмө м-н салыштырат. Тянь-Шань палеозойдун аягынан олигоцендин дээрлик аягына чейин платформалык режим шартында өөрчүгөн ж-а денудация процесси жүрүп турган аймак болгон. Натыйжада тоо пайда болуу мезгилине чейин топтолгон комплекске кирүүчү мезозой м-н палеогендин континенттик чөкмөлөрүнүн жука катмарлары түзүлгөн. Бул мезгилде Тянь-Шандагы пенеплендүү рельеф-

Кыргыз Ала-Тоосунун ортоңку бөлүгү. Ортодо Ак-Сай моңгүсү.



тин салыштырма бийиктиги 200 *м*ден ашкан эмес. Соңку тектоникалык кыймыл мезгилинде пенеплен ойдуңдарда төмөн ийилип, кайнозой чөкмө тоо тектеринин алдында калган, ал эми жогору көтөрүлгөн жерлерде бүктөлүп, тектоникалык жаракалар м-н татаалданган ж-а бир кыйла тилмеленген, бүктөлүүлөрдүн капталы анча тик болгон эмес. Мурда туташ ж-а дээрлик бир бийиктикте жаткан түздүк бул мезгилде түрдүү бийиктиктен орун алып калган. Бул түздүктөрдүн азыркы абалынан соңку этаптагы жалпы тектоникалык кыймылды аныктоого болот, ал эми анын өзгөрүү мүнөзү жаңы структуралардын морфологиясынан көрүнөт. Ар кандай ылдамдыктагы көтөрүлүү денудацияланган байыркы түздүктүн кырка тоолордун капталдарында 3—10°ка, ал эми тоонун кырларына жакын жерлерде 15—20° ж-а андан да тик жантайым жатышына алып келген. Ортоңку антропогенде өйдө-ылдый багыттагы тектоникалык кыймылдын күчөшү м-н пенеплендин ото тилмелениши жүрүп, кийин эрозияга ж-а рельефтин ар кандай формаларын пайда кылуучу процесстерге (гравитациялык, капталж. б.) дуушарланган.

Ортоңку ярус. Рельефтин ортоңку ярусу неоген-антропогендин башталышында тоо жаралуу кыймылынын натыйжасында пайда болгон. Ал Тянь-Шанды тоолуу өлкөгө айландырган көтөрүлүү кыймылынын күчөп турган мезгилине туура келет. Кырка тоолордун тигил же бул бөлүгүнүн ар кандай ылдамдыкта көтөрүлүүсүнө жараша байыркы түздүктөр эрозиядан тилмеленген ж-а ото жуулуп жемирилген. Алар түрдүү бийиктикте анча



Кызыл-Омпол тоосу. Орто-Токой.

чоң эмес жантайыңкы аянт катары айрым кырка тоолордун беттеринде гана сакталып калган. Ярустун таманын көптөгөн кырка тоолордун капталдарынын ортоңку бөлүгүндө сакталган эрозиялык-денудациялык тектирлер же адырлар түзөт; алар туташ тилке болбостон, дарыя куймаларынын ороондору м-н терең тилмеленген. Борб., Ички ж-а Батыш Тянь-Шань кырка тоолорунун айрым суу болгучторүндө бул тектирлер көпчүлүк учурда антропогендин башталышындагы мореналар м-н капталып, Ысык-Көл ороонүндө чолпонata, ал эми Фергана ороонүндө панай чөкмө тоо тек комплекстеринин пайда болуу мезгилине туура келет. Чолпон-Ата муз каптоосу Тянь-Шандын рельефи азыркыдай тилмелене элек кезинде болгон. Бул муз каптоонун мореналары Чолпон-Ата — Кыз-Коргон суу бөлгүчүндө (3 330 *м* бийиктикте) жакшы сакталган. Мореналардын бети бардык жерде тегизделип, чөнтүү кыртыш м-н капталган. Моренадан түзүлгөн суу бөлгүчтөрдүн рельефи тегиз келип, айрым жерин жумуру кой таштар каптап жатат. Ушул муз каптоого байланыштуу флювиогляциялдык катмарлар Ысык-Көл ороонүнүн адырларында кеңири таралган.


Төмөнкү эрозиялык-аккумуляциялык ярус. Төмөнкү ярус антропогендин башталышындагы биринчи муз каптоодон кийин пайда болгон. Ага жердин көтөрүлүү темпинин кескин күчөшүнө байланыштуу тик капталдуу, терең тилмеленген V сымал ороондуу рельеф мүнөздүү. Төмөнкү ярустун тилмеленишинин орточо терендиги Тянь-Шанда 700дөн 1300 *м*ге жеткен. Тоого туташ ойдуңдардын чет-жакаларынын тоо м-н кошо

көтөрүлүшүнүн натыйжасында адырлар пайда болгон. Көтөрүлүү ар кандай илдамдыкта жүрүп, айрым учурда салыштырмалуу тыныгуу м-н алмашылып турган. Ферғананын адырларынын, о. эле Кетмен-Төбө, Чүй, Талас, Ысык-Көл ж. б. ороондорду курчаган тоо этектеринин рельефи өтө татаал. Мында кууш капчыгайлар м-н адырлар арасындагы анча жазы эмес ороондор кездешет. Тоо этектеринин басымдуу бөлүгүн адырлар ээлейт, аларда көптөгөн үңкүрлөр, өңдөр бар. Айрым жерлерде өтө тилмеленүүнүн, жемирилүүнүн натыйжасында майда дөбөлүү рельеф (Ысык-Көл ороонунун батыш бөлүгүндө, Нарын, Ферғана ороондорүндө) пайда болгон. Чүй, Талас ороондорүн, Ысык-Көлдүн батышын, о. эле Кочкор — Каракужур, Жумгал — Көкомерен, Алабуга, Нарын ж. б. ороондорду курчаган тоо этектеринин рельефи да татаалдыгы м-н айырмаланат. Мында рельефтин адыр тибиндеги тегизделген жөнөкөй формалары м-н катар өтө тилмеленген, тик капталдуу, дөбө-жалдуу чап тибиндеги жерлер да кездешет. Ал жерлердеги тилмеленүүнүн тереңдиги 200—300дөн 500 *м*ге жетет. Тоо этектери неоген-антропогендин башталышындагы тоо тектерден турат. Адырларды кесип өткөн суулардын ороондоруу тектирлүү. Рельефинин тилмеленүү мезгили антропогендин ортосунан голоценди аягына чейин созулган.

Дарыя ороондорүнүн капталдары негизги алты эрозиялык тектирден турат. Алар Түн. Тянь-Шанда жыргалаң (ортоцку антропогенде), аламүдүн (антропогендин аягы), токмок (голоцен) комплекстерине (Түн. Тянь-Шань үчүн колдонулган терминология б-ча), ал эми Нарын д-ныи алабында ж-а Ферғана ороонунде жогоруда белгиленген тектирлер Өзбекстандын аймагында болүнгөн ташкен, ач талаа, сыр-дарыя комплекстерине туура келет. Ар бир комплекске ороонду бойлото кеткен эки тектир (дарыя нугу м-н жайылмасын кошпогондо) дал келет, алар Тянь-Шань тоолорундагы муз каптоонун айрым мезгили м-н байланыштуу. Антропоген чөкмөлөрү негизинен Кыргызстандын аймагындагы тоо аралык ороондордун үстүнкү бетин текши каптап, тоо этектериндеги дөңсөөлөрдө ж-а түздүктөрдө да жатат. Алар негизинен дарыя ж-а көл тектирлеринин чөкмолорүнөн, моңгү таштардан ж-а шиленди конустардан турат. Чөкмө тектердин калыңдыгы негизинен ондогон *м*ге, айрым жерде 300—500, 1000 *м*ге жетет. Литологиялык составы ар түрдүү: кой таштар, кум, топурак, чопо ж. б.

Жыргалаң (ташкен) комплекси антропогендин ортосунда пайда болгон чөкмө тектерден түзүлгөн дарыя ороондорүнүн алтынчы ж-а бешинчи тектирлеринен турат. Алар негизинен Түн., Ички ж-а Түш. Тянь-Шанда таралган. Жогорку тектир көпчүлүк учурда суунун тоо тектерди жешинен, төмөнкү тектир алгачкы тоо тек м-н чөгүндүнүн биригишинен пайда болгон. Бул тектирлер адыр комплекси м-н бир мезгилде түзүлгөн. Адыр зонасындагы тектирлер аллювий ж-а аллювий-пролювий чөкмө тектеринен туруп, бул чөкмөлөр кыйла мурда пайда болгон мезозойлык ж-а неогендик чөкмө тоо тектердин арасына кирип жатат. Тектирлердин төмөнкү катмары нык цементтелген конгломераттан, ортоцку бөлүгү бириндек жумуру таштардан, үстү лёсс сымал кум-топурактуу кыртыштан турат. Бешинчи тектир (жыргалаң жө ташкен мезгилинин аягындагы) ороондун төр жактарында, көбүнчө тепши сымал байырку ороондун таманын түзөт. Тектирлердин тепши сымал ороонго өткөн мындай жерлери Чоң-Кемин ороонундогу Жаңырык ж-а Жинди-Суу сууларынын чатында, Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталындагы айрым ороондордо (Чолпон-Ата, Бактуу-Долоноту, Чоң-Ак-Суу ж. б.), Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы Каракол, Алтын-Арашан, Ак-Суу, Жыргалаң ж. б. суулардын ороондорүндө, о. эле Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорундагы ороондордо кездешет. Тянь-Шанда антропогендин ортосундагы муз каптоо ороон тибинде болуп, мурдагы ж-а кийинки муз каптоолорго караганда кеңири аянтты ээлеген. Бул мезгилде Сары-Жаз, Эңилчек, Кайыңды, Нарын, Чоң-Кемин ж. б. суулардын жогорку болүгүндө тепши сымал ири ороондор түзүлгөн. Ортоцку антропогенде пайда болгон мореналардын бүткөн жеринен төмөн тепши сымал ороондор U сымал эрозия капчыгайы м-н алмашат. Мореналардын рельефи дөбөлүү. Кыртыштуу ичке жондордун арасында көбүнчө көлү бар туюк чуңкурдуктар жатат.

Аламүдүн (ач талаа) комплексине Кыргызстандын ороондорүндө кеңири таралган төртүнчү ж-а үчүнчү тектирлер кирет, алар дарыя чөкмөлөрүнөн турат. Булар Ысык-Көлдүн азыркы деңгээлинен 20—50 *м* жогору жаткан көл тектири м-н жашталп. Аламүдүн (ач талаа) комплексинин үстүнкү чөкмөлөрүнөн



Нарын тоосунун түштүк капталы, Ат-Башы ороонунун жогорку болүгү.

турган үчүнчү тектир бара-бара кенен түздүккө өтөт. Мындай түздүктөрдө айыл-кыштактар, айдоо аянттар ж. б. жайгашкан. Бул тектир Чүй, Талас, Ысык-Көл, Ферғана ж. б. ороондордун көп болүгүн ээлеп жатат; Нарын д-н жогору бөйлөй жаткан Кетмен-Төбө, Суусамыр, Жумгал, Тогуз-Торо, Ортоцку ж-а Жогорку Нарын, Ат-Башы ороондорүндө да кездешет. Тектирдин тоо этеги жаккы болүгүндө экинчи даражадагы күймалар — сайлардын оозундагы майда агын суулар м-н жаанчачын агызып келген шиленди конустар рельефтин түзүлүшүн татаалдантат. Булар кээде бири-бири м-н кошулуп, тоо этектеринде туташ тилкени пайда кылат. Тоолуу аймактарда түздүктүү комплекстин тектирлери адыр тектирлеринен 150—200 *м* төмөн жатып, суу ороондорү б-ча жогору карай ичке тилкени түзөт. Мындай тилкелер ири ороондордо (Сары-Жаз, Какшаал, Нарын, Чүй д-ларынын алаптарында, Алай ороонунда) эң чоң муз каптоодон пайда болгон мореналарды толук кесип өтөт. Тепши сымал ороондордун таманы ж-а агын суу ороондорүнүн баш жактары антропогендин аягындагы муз каптоодон пайда болгон ж-а рельефте даана болүнүп турган моренага барып такалат. Бул болсо шагыл таштуу үчүнчү тектирдин чөкмөлөрүнүн моренага өткөндүгүн айгинелейт. Бул муз каптоо өлчөмү б-ча анча чоң болбогондуктан, мурдагы муз каптоонун чегинен чыккан эмес. Аның мореналары адатта антропогендин орто чениндеги муз каптоодон пайда болгон чөкмөлөрдүн арасында жатат, ал эми суулардын башталышында алар голоценди азыркы мореналары м-н жабылып калган. Антропоген мезгилинин аягындагы мореналардын рельефи дөбөлүү жончолордон турат, көпчүлүк бөлүгү

кыртыштуу. Ал мезгилдеги моңгүлөр азыркы моңгүлөрдөн 10—15 *м*ге узун болгон.

Токмок (сыр-дарыя) комплексине дарыялардын азыркы жайылмалары, жайылмалардагы биринчи ж-а экинчи тектирлер, Ысык-Көлдүн жаныз тектирлери, о. эле азыркы шиленди конустар кирет. Чүй ороонунде суу жайылмасынын биринчи тектиринде (бийиктиги 5 *м*че) Токмок ш. жайгашкан. Бул комплекс Чүй, Чоң-Кемин ж-а Талас ороондорүндө калыңдыгы 12—15 *м* келген экинчи тектирдин чөкмө тектеринин арасында жатат; ал эми экинчи тектир болсо тоо этектеринде шилендилер м-н капталган. Нарын д-ныи алабындагы суулардын жаныз тектирлеринин чөкмөлөрү нуктун таманында ичке тилке сымал төшөлүп, ач талаа чөкмөлөрүнө кирип жатат. Нарын д-ныи айрым жайылмаларынын жазылыгы 1,5 *км*ге жетет; эң жазы жайылмасы Көк-Ирим суусунун ага куйган жеринде (Казарман кыштагына жакын), Кара-Сай ж-а Тарагай сууларынын кошулушунда ж. б. жерлерде. Тектирлер негизинен сыйда жумуруланган кой таш, шагыл ж-а кумдан турган чөкмөлөрдөн түзүлгөн. Токмок (сыр-дарыя) тектирлеринин комплекси азыркы мореналар м-н бир убакта пайда болгон; жаныз тектирлердин чөкмөлөрүнүн азыркы моренага өтүшү Петров (Нарын д-ныи башталышында), Семёнов, Мушкетов, Эңилчек (Сары-Жаз суусунун алабында) моңгүлөрүнүн этектеринен байкалат. Азыркы муз каптоо зоналарында кадимки мореналардан өтө айырмаланган жалган мореналар кеңири тараган. Алар моңгүлөрдүн тартылышынан эмес, мурда түзүлгөн тепши сымал ороондордогу мореналардын астынан мезгил мезгили м-н агып чыккан суулардын ж-а моңгү катмарларынын оордук күчүнүн таасиринен пайда болгон. Жалган мореналардын пайда болушу жер титирөөгө да байланыштуу болушу мүмкүн. Алар Тескей Ала-Тоонун түн. ж-а Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталдарындагы агын суу ороондорүнүн көпчүлүгүндө учурайт. Чоң ж-а чолок төрлөрдө жалган мореналар м-н бирге ар кандай талкаланды тоо тектер да көп кездешет, алар оордук күчүнө жараша төмөн түшүп, дөбөлүү-жалчалуу рельефти түзөт.

Тянь-Шанда моңгүнүн, кардын, көп жылдык тоңдун ж-а жер көчкүнүн таасиринен пайда болгон рельефтин формалары кеңири таралган. Моңгүнүн жылышынан ж-а кардын таасиринен түзүлгөн рельеф Кыргызстандагы дарыя ороондорүнүн көпчүлүгүнүн төр жагында кездешет. Антропогендин башталышындагы моңгүнүн тепши сымал ороондору сакталган эмес, бирок айрым байырку ороондордун тамандарында (тоо этек моңгүлөрү ошол жерлерге чейин түшкөн) антропогендин башталышында пайда болгон мореналар азыр да кездешет; алардын алдында жаткан түпкү (чулу) тоо тектердин бетинин жылмаланышы ж-а андагы ар кандай издер (Сары-Жаз, Ара-Бел, Тарагай, Кара-Сай, Тосор, Чолпон-Ата, Чаткал, Чоң-Кемин, Челек ж. б. суулардын жогорку болүгүндө) моңгүнүн талкалоо жумушун көрсөтөт. Антропогендин аягындагы моңгүнүн аракетинен пайда болгон тепши сымал ороондорду плейстоцендин ортосундагы тепши сымал ороондун таманына кирип жаткан жеринен гана өзүнчө болүүгө болот (мис., Ысык-Көлдөгү Кабырга суусунун Кайыңы ороону). Плейстоцендин аягындагы моңгүнүн көбү анча узун болбогондуктан, мурдагы муз каптоодо түзүлгөн тепши сымал ороондор м-н төмөн жылып, азыркы рельефте алардын изи анча байкалбайт. Ошондуктан азыркы байкалган тепши сымал ороондордун дээрлик бардыгы плейстоцендин ортосундагы эң зор муз каптоодон пайда болгон. Ал ороондордун узундугу байырку моңгүнүн узундугу м-н бирдей, ал эми моңгүнүн калыңдыгын аның жогорку чегиндеги жылмаланган тектер б-ча (кыртышы жок капталдарда) аныктоого болот. Тепши сымал ороондордун көпчүлүгүндө туурасынан созулган аскалуу тосмолор кезигет, алар байырку төрлөрдү эң чоң муз каптоо калтырган мореналардан бөлүп турат. Көбүнчө байырку туюк төрлөрдүн чегинде



Сары-Жаз кырка тоосунун Семёнов моңгүсү түштагы болүгү.

плейстоцен м-н голоценди муз каптоодо пайда болгон бир нече майда чолок төр кездешет. Кээде аскалуу тосмонун алды жагында майда көлдөр болот. Ал эми тосмонун үстүндө кой маңдай таштар аскалуу ландшафтты түзөт. Тянь-Шандын аймагында тепши сымал ороондор эң узун келиш, кеңдик багытта жайгашкан. Аларга Борб. Тянь-Шандагы узундугу 100 *км*ден ашкан Эңилчек, Сары-Жаз, Кайыңды, Ички Тянь-Шандагы ондогон *км*ге созулган Арабел, Кара-Сай, Буркан ж. б. ороондор, о. эле Чоң-Кемин, Чоң-Ак-Суу, Челек, Каракол ж. б. ороондордун жогорку болүгүндөгү моңгүлөрдүн байырку тепши сымал ороондорү кирет. Тянь-Шанда мериднан багытындагы тепши сымал ороондор кыска келиш, уз. 3—35 *км*. Бул ороондордун тереңдиги бир нече жүздөгөн метр, капталдарынын көпчүлүгү жантайыңкы (20°ка чейин) келиш, кыртыштанган. Тянь-Шанда көп жылдык тоңдун таасиринен пайда болгон рельефтин формаларынын оорчүшү мезозой-неоген-антропогендеги тоо жаралуу кыймылына тыгыз байланыштуу. Тектоникалык кыймылдан Тянь-Шань тоолорунун жалпы көтөрүлүшү климаттын муздашына, моңгүлөрдүн пайда болушуна шарт түзгөн. Кыргызстанда көп жылдык тоң 3 000 *м*ден бийик жерлерде бар, бирок анын таралышы жерг. географиялык шарттарга (тоо капталдарынын экспозициясына, кыртыштын ж-а чөкмө тектердин мүнөзүнө, кардын калыңдыгына ж-а анын жаткан мөөнөтүнө ж. б.) байланыштуу. Көп жылдык тоңдун оорчүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлсө, анын төмөнкү чеги 2 700 *м* бийиктикке чейин ылдыйлайт, ал эми ыңгайсыз шарттарда 3 200—3 400 *м*ге чейин жогорулайт. Көп жылдык тоң тоо тектери 67 000 *км*² аянтты ээлейт, анын 84% Борб. ж-а Ички Тянь-Шанда. Бул тоң жаткан жерлерге: Сары-Жаз, Ара-Бел — Кум-Тор, Жогорку Нарын, Ак-Шыйрак, Ак-Сай, Чатыр-Көл, Арпа, Соңкөл, Алай ороондору ж-а аларды курчаган тоолордун капталдары кирет. Кыргызстандагы көп жылдык тоң тектер тоо кыркаларында жаткан аска ж-а жарым аска тоо тектерге, тоо арасындагы ойдуңдарды ээлеген борпоң чөкмөлөргө бөлүнөт. Байырку моңгү капталган аймактардын (Нарындын башы) айрым жерлеринде көп жылдык тоң тектердин калыңдыгы 200 *м*ден ашат. Рельефтин көп жылдык тоңдун таасиринен түзүлгөн формалары: сезондук ж-а көп жылдык тоң дөбөчөлөрү, тоңдун эрүүсүнөн пайда болгон өңдөр, ызгаардан пайда болгон кыртыш жаракалары, муз жаткан ж-а шиленділер м-н көмүлгөн муз калдыктары бар аянттардагы чуңкурлар ж-а үңкүрлөр. Тянь-Шанда жер көчкүлөр көбүнчө аймак б-ча созулган тектоникалык жаракаларга ж-а жаракалардын кесилишкен жерлерине туура келет. Алар жер титирөө мезгилинде жер кыртышынын козголушунан пайда болот. Тянь-Шандагы чоң жер көчкүлөр Ысык-Көл ороонун курчаган кырка тоолордо, Чоң-Кемин ороонунда ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында кездешет. Байырку ж-а соңку жер көчкүлөр, о. эле Ферғана тоо тизмегинин түш.-батыш капталда-

рында, Чаткал өрөөнүндө, Алай тоосунун түн. капталында ж-а Нарын өрөөнүндө кеңири таралган. Алардын көбү 1880—1911-жылдары Тянь-Шань кырка тоолорунда болгон жер титирөөлөрго байланыштуу. Кырка тоолордун этектеринде селдин шилеңди конустары арбын.

Ш. Качаганов, У. Атаканов, В. Нургазиева

ГЕОЛОГИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

Кыргызстандын аймагы Урал — Монгол геосинклиналдык бүктөлүү алкагына кирет. Анын геологиялык түзүлүшүнө эң астында жаткан мезозойго чейинки байыркы тоо тектер ж-а аларды жаап калган мезозой м-н кайнозойдун чөкмөлөрү катышат. Кыргызстандын мезозойго чейинки геологиялык структурасы Түн., Ортоңку ж-а Түш. Тянь-Шань, Түн. Памир болуп төрт ири аймакка бөлүнөт. Бул аймактар бири-биринен жер кыртышынын тектоникалык терең жаракалары м-н бөлүнүп, ар бири байыркы көтөрүлүүлөр м-н ийилүүлөрдөн, структура-формациялык зоналар м-н зоначалардан турат.

Түндүк Тянь-Шань. Бута Иле, Күнгөй, Кыргыз, Тескей Ала-Тоолору, Жумгал, Суусамыр, Соңкөл тоолору ж-а Талас Ала-Тоосунун жарым жартылайы кирет. Аймактын геологиялык тарыхый өнүгүүсүндө тектоникалык бир нече цикл ажыратылат. Алардын негизгиси ж-а акыркысы — каледон цикли палеозойдун башталышын камтыган. Аймактын каледон структурасында Моюн-Кум, Ысык-Көл, Талас — Кара-Тоо байыркы массивдери ж-а аларды бөлүп турган Кемин, Тескей—Кыргыз Ала-Тоо, Кара-Балта бүктөлүү зоналары орун алган.

Моюн-Кум массиви. Иле Ала-Тоосун ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүнүн түн. капталын, Чүй өрөөнүнүн фундаментин бириктирет. Массивдин негизин эклогиттерден ж-а негизги эффузивдерден пайда болгон архей заманынын гнейстери, мигматиттери, амфиболиттери ж-а кристаллдык слапецтер м-н мраморлор түзөт. Тоо тектери абдан деформацияланган ж-а өтө метаморфизмделген. Алардын үстүндө протерозойдун аягында пайда болсо керек деп божомолдонгон метаморфизмделген орто ж-а негиздүү составдагы жанар тоо тектери, арасында кварциттүү горизонттору бар карбонаттар жантайыңкы жатат. Каледон структурасынын тоо тек кабаттары бүктөлүүгө аз дуушарланып, метаморфизмге чалдыккан эмес. Алар кембрийдин кесекчелүү, кремнийлүү ж-а жанар тоо тектеринен, карбонаттуу деңиз чөкмөлөрүнөн, ортоңку ордовиктин иреттүү катмарланган кумдук-слапецтеринен ж-а орто составдуу жанар тоо тектеринен, ордовиктин аягында пайда болгон конгломераттардан турат. Алардын арасында протерезойдо ж-а ордовик-силурдун соңку мезгилдеринде пайда болгон гипербазиттердин тулкулары габбро м-н гранитоиддердин интрузиялары кезигет.

Ысык-Көл массиви Ысык-Көл өрөөнүнүн негизин ж-а аны курчаган Күнгөй, Тескей Ала-Тоолорунун өрөөндөрдү караган капталдарын түзүп жатат. Массивдин эң астыңкы бөлүгү протерозойдун (мүмкүн архейдин) ургаалдуу метаморфизмделген ж-а деформацияланган тоо тектеринен турат. Алардын мигматит м-н гнейстен турган эң байыркылары Күнгөй Ала-Тоонун кырларында чыгып жатат. Тескей Ала-Тоонун түн. капталында астыңкы протерезойдун метаморфизмделген кварцит-карбонаттуу тектери жайгашкан. Карбонаттуу тоо тектердин, сланец, эффузивдердин анча чоң эмес тулкулары ж-а протерозойдун аягындагы гранитоид интрузиялары да кездешет. Массивдин четки бөлүктөрүндө каледондун тектоникалык комплекси ортоңку кембрий-астыңкы ордовиктин кумдук-сланец кабаттарынан түзүлүп, аның үстүндө астыңкы-ортоңку ордовиктин слапецтери, карбонаттуу тоо тектери, чанда кумдук м-н конгломераттары бурчтук келишпестик м-н жатат. Массивдин түндүгү ортоңку-үстүңкү ордовиктин орто составдуу жанар тоо тектеринен, түштүгү кумдук-слапецтерден түзүлгөн. Үстүңкү ордовик конгломерат м-н кумдуктан турат. Массивдин аймагында граниттин ж-а гранит-диориттин ири тулкулары кездешет.

Талас—Кара-Тоо массиви Түн. Тянь-Шандын түш.-батышында жайгашып, Талас Ала-Тоосунун түн.-чыгыш, Суусамыр кырка тоосунун түш.-батыш бөлүктөрүн ээлеп, түн.-батыш багытта созулуп жатат. Массивдин бүктөлүүгө дуушарланган каледонго чейинки фундаментинин асты протерозойдун аягында пайда болгон карбонаттардан, геосинклиналдык кумдук-слапецтен, үстү узатасынан созулган тик бүктөлүүлөр, о. эле тектоникалык жылышуу процесстери м-н татаалданган орогендик кесекчелүү ж-а жанар тоо тек катмарларынан турат. Алардын үстүндө кембрий-ортоңку ордовикте пайда болгон карбонаттуу чөкмө тектер жоңкой моноклиналь м-н брахи-бүктөлүүлөрдү (субплатформалык каледон комплексин) түзүп, бурчтук келишпестик м-н жантайыңкы жатат. Массивдин аймагында соңку протерозойдогу гранитоид интрузиялары, чыгыш бөлүгүндө соңку ордовик-силурдун гранитоид батолиттери кеңири таралган.

Кемин зонасы Моюн-Кум ж-а Ысык-Көл массивдерин экиге бөлүп, жалпысынан Чоң-Кемин өрөөнүнө туура келет. Ал батышты карай өтө ичкерип, Новороссийка кыштагы тушта жок болуп кетет. Бул зона үстүңкү протерозой м-н астыңкы палеозойдун ургаалдуу бүктөлүүгө дуушарланган катмарларынан турат. Катмарлар кесекчелүү тоо тектер басымдуулук кылган деңиз, терриген чөкмөлөрүнөн (үстүңкү протерозой м-н кембрий), астыңкы ордовиктин деңиз шартында пайда болгон кум-чополуу катмарларынан, ортоңку ордовиктин орто ж-а негиздүү составдагы жанар тоо тектеринен түзүлгөн. Булардын эң жогорку бөлүгүндөгү үстү убөлөнүп, жешилген беттеринде соңку ордовикте пайда болгон деп божомолдонгон кумдук-слапецтүү катмарлар жатат. Зонанын батыш бөлүгүндө бул катмарларды ордовиктин аягында ж-а силурда пайда болгон гранитоид тулкулары жиреп чыккан.

Тескей—Кыргыз Ала-Тоо зоналар системасы. Тескей Ала-Тоонун кыры м-н түш. тармактарын, Жумгал, Соңкөл кырка тоолорун, Кабак-Тоону, Суусамыр тоосунун чыгыш, Кыргыз Ала-Тоосунун батыш бөлүгүн камтып, кеңдик багытта созулат. Бул зонанын өйдө көтөрүлгөн жерлеринде протерозойдун башталышындагы, ал тургай мүмкүн архей заманынын тоо тектери, ийилген жерлеринде протерозойдун аягы м-н палеозойдун башталышында пайда болгон тоо тек катмарлары чыгып жатат. Суусамыр ж-а Кара-Каман кырка тоолорунун гнейстери болжол м-н архейге, метаморфизмделген кварциттер, гранат-мусковиттүү сланецтер, мраморлор, эклогиттер, гранат-биотиттүү сланецтер ж-а амфиболиттер протерозойдун башталышына таандык. Үстүңкү протерозой сланецтерден, карбонаттуу тоо тектерден, кварциттерден ж-а негиздүү эффузивдерден түзүлгөн. Зонанын чыгыш бөлүгүндө астыңкы палеозой кембрийдин негиздүү эффузивдеринен ж-а алардын туфтарынан, ортоңку кембрий-астыңкы ордовиктин карбонат-терриген тоо тектеринен турат. Кийинкилердин арасында кремний, негиздүү ж-а орто составдуу жанар тоо тектеринин горизонттору, айрым жеринде иреттүү катмарланган кумдук-слапецтер кездешет. Ортоңку-үстүңкү ордовик флиш сымал кумдук-сланец катмарларынан түзүлүп, айрым жерде орто составдуу жанар тоо тектери да учурайт. Үстүңкү ордовикке кесекчелүү чөкмө тоо тектер (конгломерат, кумдук) мүнөздүү. Кембрий-астыңкы ордовик, соңку ордовик-силур ж-а силур мезгилдеринде пайда болгон гранит, гранит-диориттин интрузиялары, отондой эле габбро м-н габбро-диориттин бир кыйла майда тулкулары кездешет.

Кара-Балта зонасы Моюн-Кум массиви м-н Тескей — Кыргыз Ала-Тоо зоналар системасынын аралыгында жайгашып, Жумгал кырка тоосун, Кыргыз Ала-Тоосунун кыры м-н түш. капталын камтыйт. Мында ортоңку-үстүңкү ордовиктин иреттүү катмарланган кумдук-слапецтүү чөкмө тектери кеңири таралган. Зонанын ички бөлүгүндө узакка сакталган антиклиналдык ж-а синклиналдык ири структуралар бар. Үстүңкү ордовик — силурдун гранит, гранит-диорит ж-а габбро массивдери да кездешет. Зона батышынан Аспара көтөрүлүүсү м-н чектелет; анын аймагында протерозойдун аягы м-н палеозойдун башталышында пайда болгон гранитоиддер басымдуу. Түн. Тянь-Шанда ортоңку ж-а үстүңкү палеозойдун калың катмарлары ири аяттарды ээлейт. Алар каледон бүктөлүүсүнөн кийин тоолуу рельефтин өзгөчө шартында пайда болуп, каледон структурасын басып калган ийилүүлөрдө топтолгон. Кыргызстандын түндүгүндөгү Киндик-Таш тоосунда ордовиктин тоо тек катмарларынын үстүндө девондун, астыңкы карбондун, астыңкы пермдин негиздүү, орто ж-а кычкыл составдуу жанар тоо тектери бурчтук келишпестик м-н жатат. Булардан башка карбондун гранит-сиениттери м-н үстүңкү палеозойдун граниттерини анча чоң эмес тулкулары кездешет. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. ж-а батыш бөлүктөрүндө астыңкы — ортоңку девондун орто ж-а негиздүү составдагы жанар тоо тектери, девондун аягы м-н визенин ортосунда пайда болгон кесекчелүү кызыл түстөгү деңиз чогундулору, астыңкы-ортоңку карбондун жанар тоо-карбонаттуу боз түстөгү чөкмө тоо тектери жер бетине чыгып жатат. Бул катмарлардын арасында доломит, гипс ж-а туз кабаттары учурайт. Алар негизинен жантайыңкы жайгашкан моноклиналь структурасын түзөт. Девондун башталышы м-н пермь мезгилинде пайда болгон граниттин ж-а пермдеги гранит-сиениттердин анча чоң эмес тулкулары да кездешет. Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш, Күнгөй Ала-Тоонун батыш бөлүктөрүндө палеозойдун башталышы ж-а кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон тоо тектердин үстүндө девондун башталышы м-н ортосундагы кычкыл, чанда орто ж-а негиздүү жанар тоо тектери, соңку девондун арасында өсүмдүк калдыктары бар конгломераттары, таш көмүр мезгилинин башталышындагы боз түстүү карбонат-терриген чогундулорунө өтүүчү кызыл түстүү конгломераттары ж-а кумдуктары, карбондун ортосу м-н аягындагы арасында таш көмүр кабаттары бар конгломераттар, о. эле пермдин башталышындагы жегичтүү составдагы түрдүү жанар тоо тектери бир кыйла бурчтук келишпестик м-н жайгашкан. Бул катмарлар ири синклинорийди түзөт. Аларды пермдин гранит ж-а сиенит плутондору жиреп чыккан. Иле Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндө, Күнгөй Ала-Тоодо ж-а Чоң-Кемин суусунун башталышында үстүңкү девон-карбондун орто составдуу жанар тоо тектери ж-а астыңкы карбондун арасында анча калың эмес балырлуу аки таш горизонттору бар түрдүү түстөгү кесекчелүү деңиз чөкмө тектери чыгып жатат. Алардын арасында анча чоң эмес гранит тулкулары кездешет. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында ж-а Күнгөй, Тескей Ала-Тоолорунун өрөөндү караган капталдарында кембрийге чейинки мезгилдин чөкмө тек катмарлары м-н каледон гранитоиддерин астыңкы-ортоңку девондун кычкыл ж-а орто составдуу жанар тоо тектери, астыңкы карбондун кызыл түстөгү кесекчелүү чөкмөлөрү, үстүңкү палеозойдун аки таш ж-а гипс горизонттору бар түрдүү түстөгү кесекчелүү катмарлар бурчтук келишпестик м-н жаап жатат; палеозойдун аягында пайда болгон гранит тулкулары да кездешет.

Түн. Тянь-Шандын түш. четки бөлүгүндө Тянь-Шандын негизги жараксын бойлой батышта Көк-Ирим тоосунан чыгышта Көк-Тай тоосуна (Соңкөлдүн айланасы) чейинки аралыкта астыңкы-ортоңку девондун кычкыл ж-а орто составдагы жанар тоо тектери, девондун аягы — таш көмүр мезгилинин башталышындагы терриген ж-а терриген-карбонат тоо тек катмарлары жатат. Ал катмарларда континенттик гипстүү кызыл түстөгү (тилкенин түн. бөлүгүндө) ж-а деңиздик гипстүү бозомук (түш. бөлүгүндө) чөкмө тоо тектер кеңири таралган. Алардын үстүндө ортоңку ж-а үстүңкү карбондун кесекчелүү тоо тек катмарлары, көз бир жерде пермде пайда болгон трахит-андезит, базальт тулкулары жатат. Бул тоо тек катмарлары түш. капталы тик, түндүгү жантайыңкы асимметриялык синклинорийди түзөт. Аймакта пермь мезгилинде пайда болгон граниттердин чакан тулкулары кездешет. Ушундай эле тоо тек катмарлары Түн. Тянь-Шандын түш.-чыгыш четки бөлүгүндө, Тескей Ала-Тоонун чыгыш тарабында жер бетине чыгып жатат. Бул тоо тек катмарлары аябай кысылган татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, жалпы бир синклинорийди пайда кылат. Мында тоо тек катмар бөлүктөрүнүн түштүктөн түндүккө карай болгон кыймылын көрсөтүүчү өйдө ж-а үстүнө жылышуу тибиндеги тектоникалык жаракалар арбын. Алардын арасында палеозойдун аягында пайда болгон гранит тулкулары бар. Түн. Тянь-Шандын аймагында палеозойдун ортосу м-н аягында болгон көтөрүлүүлөрдүн чегинде ж-а бүктөлүүлөрдүн аралыктарында девондун башталышы, протерозойдун аягында пайда болгон габбро-диорит, гранит ж-а сиениттердин интрузия тулкулары кеңири таралган.

Ортоңку Тянь-Шань. Бул аймактын геологиялык структурасы архей, протерозой ж-а палеозой заманда-рында жүргөн тектоникалык кыймылдардын негизинде калыптанган. Алардын ичинен негизгиси ж-а акыркысы герцин (варис) тектоникалык цикли болгон. Ортоңку Тянь-Шань 2 структура-формациялык зонага (Чаткал — Нарын ж-а Чаткал — Курама) бөлүнөт. Чаткал — Нарын зонасы Ортоңку Тянь-Шандын түп. бөлүгүн түзүп, Чоң-Кара-Тоо, Талас Ала-Тоосу ж-а Нарын өрөөнү аркылуу Кыргызстандын аймагын толук кесип өткөн бир тилкеде созулуп жатат. Ал Кара-Тоо — Нарын, Пскем — Сары-Жаз, Ак-Суу — Үмөт зоначаларына бөлүнөт. Пскем — Сары-Жаз зоначасы Чаткал — Нарын зонасынын ортоңку бөлүгүн түзүп, Сары-Жаз, Көөлү, Ак-Шыйрак (Чыгыш) тоолорун ж-а Талас Ала-Тоосунун түш.-батыш тармактарын ээлейт. Кара-Тоо — Нарын зоначасы Кара-Тоо, Талас Ала-Тоосу, Көк-Ирим тоосу ж-а Жетим кырка тоолорунда, Ак-Суу — Үмөт зоначасы Чаткал кырка тоосу м-н Нарын тоосунда жайгашкан. Чаткал — Курама зонасы планда бардык жагы бирдейирээк келген туура формада болуп, Ортоңку Тянь-Шандын Түш.-Батышын (Фергана өндүрү жагын) ээлеп жатат.

Архейде пайда болгон деп божолдонгон көөлү свитасынын гнейстери, кристалланган сланецтери, амфиболиттери ж-а мраморлору Сары-Жаз, Көөлү, Ак-Шыйрак тоолорунда кеңири таралган. Алардын протерозойдун граниттери жиреп чыккан. Бул тоо тектердин үбөлөнүп, суу м-н албай жуулуп жетилген катмарларының үстүнө соңку протерозойдун тоо тек кабаттары — эң астында кычкылдуу эффузивдер ж-а туфтар, үстүндө аркоз кумдуктары м-н конгломераттар. о. эле тиллит сымал конгломерат-брекчиялар жатат. Протерозойдун эң үстүңкү катмарлары негизинен кумдук, алевролит, чополуу сланец ж-а чополуу аки таш тектеринен түзүлүп, «тиллиттер» м-н бүтөт. Вулканиттер ж-а алардын түрдүү составдагы туфтары чөкмө тоо тектер м-н кезектешип жатат. Жетим кырка тоосундагы протерозойдун аягында пайда болгон тоо тек катмарларында темирдин ири кени (Жетим темир кени) жайгашкан. Үстүңкү протерозойдун тоо тектерин габбро-диабаздар м-н гранитпорфирлердин анча чоң эмес бирин-серин силлдери ж-а дайкалары жиреп чыккан. Астыңкы палеозой көмүр тек-кремнийлүү-сланецтүү, карбонаттуу (кембрий-ортоңку ордовик), флиштүү, кумдук-слапецтүү (ортоңку-үстүңкү ордовик) ж-а молассттуу (үстүңкү ордовик-астыңкы силур) тоо тек катмарларынан турат. Кара-Тоо—Нарын зонасында кембрий-ортоңку ордовиктин ру-

далуу катмарлары дайыма көмүртек-чопо-кремнийлүү чөкмө тектерден башталат. Алар бул жерде 3 кабаттуу (көмүртек-чопо-кремнийлүү, карбонаттуу ж-а көмүртек-чопо-кремнийлүү тоо тектер), ал эми Ак-Суу — Үмөт зонасында эки кабаттуу (карбонаттуу, көмүртек-чопо-кремний-жанар тоо тектер) түзүлүштө. Пскем — Сары-Жаз зонасынын аймагында бул катмарлар көмүртек-чопо-кремнийлүү тоо тектери, алевролит, кумдук ж-а акиташ тектеринин бир калыпта кезектешип жатышы м-н айырмаланат. Ортоңку палеозойдун чөкмө тектери стратиграфиялык келишпестикте жайгашкан. Астыңкы силурдун жанар тоо-терриген тектери Чаткал — Курама зонасында анча деле көп эмес. Бул тоо тектердин үболонуп, жешилген үстүндө астыңкы-ортоңку девондун терриген-жанар тоо тек катмарлары жайгашкан. Алардын үстү жагында ортоңку-үстүңкү девондун терриген — карбонаттуу тоо тек катмарлары бурчтук келишпестик м-н жатат. Алар Чаткал — Нарын зонасында чыгып жаткан кызыл түстүү континенттик терриген моласстары м-н бир деңгээлде жайгашкан. Астыңкы карбон карбонаттуу ж-а кремний-карбонаттуу чөкмө тектерден турат. Бул тоо тектер м-н полиметалл рудаларынын стратиформ кендери байланыштуу. Үстүңкү палеозойдо герцин (варис) тектоникалык циклинин орогендик этабы м-н шартталган терриген ж-а жанар тоо тектеринин катмарлары басымдуулук кылат. Көп фазалуу интрузия тоо тектери кеңири таралган. Чаткал — Курама зонасында вулканизм м-н интрузия магматизминин ролу өтө чоң.

Түштүк Тянь-Шань. Бул аймактын геологиялык структурасы негизинен герцин (варис) тектоникалык циклинде түзүлүп, түштүккө карай ийилген жантайыңкы догоону пайда кылат. Фергана ж-а Чыгыш Алай кырка тоолорунда ийилген томпок жактары түндүктү караган майда ж-а өтө кысылган догоолор байкалат. Түш. Тянь-Шандын аймагы структуралык-формациялык томондогүдөй зоналарга ж-а зоначаларга бөлүнөт: Түш. Фергана — Жаңы-Жер, Эңилчек, Алай — Какшаал, Күлгежел, Жазы — Майдан-Тоо, Заравшан — Калмак-Ашуу, Гиссар — Чыгыш Алай. Булардын ичинен Түш. Фергана — Жаңы-Жер, Эңилчек ж-а Гиссар — Чыгыш Алай зоналары эвгеосинклиналдык (негиздүү жанар тоо тектери м-н) калгандары миогеосинклиналдык (жанар тоо теги жок) чөкмө тоо тек катмарларынан турат. Бул зоналардын бүктөлүү структуралары тектогенездин герцин доорунда оңүгүп, негизги фазасы карбондун ортосундагы, аяктоочу фазасы карбондун аягы м-н пермдин башталышындагы мезгилдерге туура келет.

Түш. Фергана — Жаңы-Жер зонасы Түш. Тянь-Шандын түн. четки бөлүгүндө жайгашып, Алай кырка тоосунун түн. этектерин, Бабаш-Ата тоосунун түн. бөлүгүн, Ат-Башы, Жаңы-Жер ж-а Улан кырка тоолорун ээлейт. Батышта зонанын уландысы Түн. Нура тоосунун түн. этектеринде байкалат. Зонадагы тоо тек катмарларынын астыңкы бөлүгүндө кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон деп болжолдонгон метаморфизмделген сланецтер, астыңкы палеозойдун, силурдун, девондун ж-а карбондун башталышындагы, айрым жерлерде ортоңку карбондун эң аска негиздүү жанар тоо, терриген, карбонаттуу ж-а кремнийлүү тоо тектери жайгашкан. Алардын үстүн палеозойдун аягында жаралган кесекчелүү тоо тек чөкмөлөрү келишпестик м-н жаап жатат. Серпентинделген ультранегиздүү тоо тектер м-н габбропун контогон майда тулкулары кездешет. Катмарлар көп жолу деформацияга дуушарланган, узатасынан созулган тик бүктөлүүлөрдү пайда кылып, бир нече этаптарда калыптанган жылмышуу, шарьяж м-н татаалданган.

Эңилчек зонасы Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө, Түш. Тянь-Шандын түн. чет-жакасын бойлой созулуп жатат. Силурдун эвгеосинклиналдык калың тоо тек катмарынан (жанар тоо, карбонат ж-а терриген тоо тектери) турат. Алар кысылуудан узатасынан созулган бүктөлүүлөргө дуушарланып, тектоникалык жылышуулар м-н татаалданган. Соңку палеозойдун руда пайда кылуучу гранитоид массивдери белгилүү.


Алай — Какшаал зонасы Түркстан, Алай, Какшаал кырка тоолорунун түн. капталдарын, Борколдой кырка тоосун камтыйт. Тоо тек катмарларынын эң астыңкы бөлүгүнө силур, девон, астыңкы карбон ж-а ортоңку карбондун эң астыңкы бөлүгүнүн деңиз шартында пайда болгон миогеосинклиналдык терриген ж-а карбонат катмарлары мүнөздүү. Зонанын түн. бөлүгү негизинен карбонат, түштүгү терриген катмарларынан турат. Алардын үстүндө палеозойдун аягында (ортоңку карбон ж-а астыңкы пермь) пайда болгон кесекчелүү орогендик чөгүндүлөр (моласстар) жатат. Булар көбүнчө ири синклиналдык структуралардын борб. бөлүктөрүндө топтолгон. Катмарлар өтө деформацияланган, анын натыйжасында узатасынан созулган ири бүктөлүүлөр, катмарлардын ойдо-ылдый ж-а үстүнө жылышуулары пайда болгон. Бул зонада сыман м-н сурьманын бардык негизги кендери ж-а кенчелери жайгашкан.

Күлгежел зонасы Алай — Какшаал зонасынан түштүгүрөөк, Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун кырларында, Чыгыш Алайдагы Гүлчө суусунун оң ойүзүндө жайгашып, ичке тилкени түзүп жатат. Тоо тек катмарларынын эң астында силур м-н девондун аки таш ж-а доломит, карбондун кремнийлүү аки таш, сланец, үстүндө үстүңкү карбон м-н астыңкы пермдин кумдук сланец (флиш) тоо тектери жатат. Катмарлар кысылуудан узатасынан созулган бүктөлүүлөргө дуушарланып, үзүндү жаракалар м-н тилмеленген.


Жазы — Майдан-Тоо зонасы Түш. Тянь-Шандын чыгыш бөлүгүндө обочолонуп, Күлгежел зонасын улай Тар суусунун алабында, Фергана тоо тизмегинде ж-а Майдан-Тоодо жайгашкан. Зона (астыңан жогору карай) силурдун сланец, мрамор ж-а аки таш тектеринен, девондун сланец-кумдуктарынан, астыңкы карбондун кремний-аки таштуу катмарларынан, үстүңкү палеозойдун кумдук-сланецтүү чөкмө тектеринен турат. Алар Фергана тоо тизмегинде ири антиклинорий структурасын, Майдан-Тоодо моноклиналды түзүп, түндүктөн түштүккө карай созулган ар түрдүү типтеги жаракалар м-н тилмеленген.

Заравшан — Калмак-Ашуу зонасы Түш. Тянь-Шандын батыш бөлүгүндө жайгашып, Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун кырын, о. эле Чыгыш Алайдын бир бөлүгүн ээлейт. Зонанын геологиялык түзүлүшүнө силур, девон ж-а карбондун эң башталышында деңиз шартында пайда болгон терриген, карбонат, чанда кремнийлүү тектердин калың катмарлары катышат. Мында негиздүү жанар тоо тектеринин агып чыккан жука катмарлары да кездешет. Бул катмарлардын бардыгы Түркстан кырка тоосунун кырында өтө метаморфизмделген. Метаморфизмделген зонанын эң жогорку температуралуу борб. бөлүгүндөгү терриген тоо тектери жарым жартылай эрип, гранит магмасын (мигматитти) пайда кылган. Тоо тектер көп этаптуу ургаалдуу деформацияга дуушарланган. Натыйжада узатасынан созулган ж-а өтө кысылган контогон бүктөлүүлөр пайда болгон. Зонанын миогеосинклиналдык тоо тек катмарлары жаткан жерлеринде гранитоиддер м-н сиениттердин тулкулары кеңири таралган; алар м-н түрдүү металлдардын бир катар кендери байланыштуу.

Гиссар — Чыгыш Алай зонасы Кыргызстанда анча чоң эмес аймакты — Чыгыш Алайдын түштүгүн ээлейт. Тоо тек катмарларынын астында силур, девон ж-а карбондун башталышында пайда болгон негиздүү составдагы жанар тоо, терриген, карбонат ж-а чанда кремнийлүү тоо тектер жайгашкан. Үстүндө ортоңку-үстүңкү карбондун иреттүү кабатталган, кумдук-сланец тоо тек катмарлары келишпестик м-н жатат. Тоо тектер бир нече жолу деформацияга дуушарланып, үстүнө жылышуулар ж-а узата созулган бүктөлүүлөр пайда болгон. Негиздүү анча чоң эмес интрузиялар да кездешет.




Кыргыз Ала-Тоосу. «Таажы» чокусу.



1



2



3


1. Ысык-Көл өрөөнү. Чолпон-Атага жакын жерде. 2. Кыргоол. Ысык-Көл коругу. 3. Ысык-Көл жээги.



1



2




3




4

Табияты. 1. Көк-Жайык. Тескей Ала-Тоо. 2. Коңорчок каньондору. 3. Рельефтин шамалдын таасири менен пайда болгон формалары. Кара-Жыгач. Жаңы-Жол р-ну. 4. Өгөй эне-өз эне.




1



3





2




4

Табияты.1. Сары-Челек кыш мезгилинде. **2.** Чоң-Кемин өрөөнү. **3.** Туюк-Төр. Ала-Арчанын алабы. **4.** Көлтөр. Талас өрөөнүнүн башы.






«Жети-Өгүз» курортунун айланасы.
Жыламыш өрөөнүндөгү кызгалдактар.



Көкүр-Өлөң ашуусу.
Тянь-Шань тоолору.




1



2




3




4

Табияты. 1. Түргөн — Ак-Суу. 2. Кегети шаркыратмасы. 3. Барскоон шаркыратмасы. 4. Альп шалбаасы.



1



3



2



4



5

Табияты. 1. Кереге-Таш өрөөнүндө. 2. Кырчын өрөөнү. 3. Тянь-Шань тоолорундагы гляциалдык зона. 4. Чоң-Ташта. 5. Альпинисттердин Алайдагы эл аралык лагери.

Түндүк Памир. Респ-канын чегиндеги Чоң-Алай кырка тоосунда Түн. Памирдин соңку герцин бүктөлүү аймагынын бир бөлүгү жайгашкан. Тоо тек катмарларынын эң түбүндө астыңкы карбондун негиздүү составдагы жанар тоо тектеринин калың катмары, анын үстүндө ортоңку карбондун карбонаттуу катмарлары бурчтук келишпестик м-н жатат. Алардын үстүндө астыңкы пермдин кесекчелүү чөкмө тоо тектери жайгашкан. Тоо тектер кысылуудан узата созулган тик бүктөлүүлөргө дуушарланып, массанын кыймылы түштүктөн болгондугун аныктаган өйдө ж-а үстүнө жылышуу тибиндеги жаракалар м-н тилмеленген. Негизги бүктөлүү кыймылдары пермде ж-а триастын башталышында болгон. Түн. Памирдин геологиялык структурасы, жалпы эле Памирдикиндей ийилген томпок жагы түндүктү караган жантайыңкы догоону түзөт.

Кыргызстандын жериндеги тектоникалык аймактар бири биринен жер кыртышына терең баткан ири жаракалар м-н бөлүнүп турат. Ал жаракалар геологиялык структуралар м-н формацияларды түзүлүшүнө, терең-диктеги заттардын жер үстүнө чыгышына ж-а эндогендик процесстерден кендердин пайда болушуна чоң таасир тийгизген. Түн. Тянь-Шань Ортоңку Тянь-Шандан аймактык Кара-Тоо — Тескей жаракасы м-н бөлүнөт. Бул жарака жер бетинде геоморфологиялык жактан сайлардын, өрөөндөрдүн ж-а жаныз кайкылардын системасы м-н, геологиялык жактан болсо тоо тектердин майдалануу ж-а кабырчыктануу зоналарынын, гранитоид интрузияларынын алкактары ж-а алар м-н байланышкан кендердин болушу м-н өзгөчөленүп турат. Ортоңку Тянь-Шань Түш. Тянь-Шандан ири терең Түш. Фергана — Ат-Башы — Эңилчек жаракасы м-н бөлүнөт. Бул жаракага офиолиттүү ж-а глаукофан-сланецтүү метаморфизм алкактары, о. эле сурьма-сыман минералдашуу алкагы топтолгон. Түш. Тянь-Шань м-н Түн. Памирди бөлүп турган жаракалар Кыргызстандын аймагында мезозой-кайнозой заманында пайда болгон чөкмө тектер м-н көмүлүп калган. Диагональ б-ча түн.-батыш тарапка созулган ири Талас — Фергана жаракасы Ортоңку ж-а Түш. Тянь-Шанды 2 секторго (чыгыш ж-а батыш) болот. Палеозойдун аягында бул жарака м-н батыш сектор горизонталь б-ча түн.-батышка карай 150—200 км-ге жылган.


Кыргызстандын аймагынын кембрийге чейинки ж-а палеозой мезгилдериндеги геологиялык өнүгүү тарыхынын негизги белгилери. Кыргызстандын ж-а ага коңшу аймактардын мезозойго чейинки тарыхы 3 чоң мезгилге (мегаэтапка) бөлүнөт: архей — геосинклиналь-орогендик, протерозой—платформа-орогендик, соңку протерозой-палеозой — геосинклиналь-орогендик. Булар тектоникалык режими б-ча бири биринен кескин айырмаланат. Биринчи мегаэтапта респ-кадагы эң байыркы геологиялык түзүлүштөр калыптанып, Тянь-Шандын архей заманындагы гнейстүү фундаментине бириктирилген ото метаморфизмделген тоо тектер пайда болгон. Буга Күнгөй Ала-Тоодогу Моюн-Кум ж-а Ысык-Көл массивдеринин негизин, Тескей — Кыргыз Ала-Тоо зонасындагы Кара-Каман тоосунун антиклинорийинин ядросун, Сары-Жаз көтөрүлүүсүнүн ж-а Такталык, Бет-Төр антиклинорийлеринин ядролорундагы Ортоңку Тянь-Шандын негизин түзгөн гнейстер ж-а кристаллдык сланецтер кирет. Алар 2 тектоникалык циклдин (ак-түз ж-а кемин) ичинде пайда болгон. Алардын ар бири негиздүү жанар тоо тектеринин жер бетине агып чыгышы, геосинклиналдык терриген ж-а карбонат тоо тектеринин калың катмарларынын топтолушу м-н башталып, бүктөлүүлөр, ургаалдуу метаморфизм, о. эле гранит магмаларынын пайда болушу м-н аяктаган. Архей заманынан кийин Кыргызстандын азыркы аймагында жер кыртышы катуу абалга өтүп, 2-мегаэтапка мүнөздүү болгон тектоникалык салыштырмалуу тынч кырдаал түзүлгөн. Геологиялык тулкулардын өзгөчөлүгү б-ча 2-мегаэтап 4 тектоникалык циклге (кыргыз, ысык-көл, кара-жылга ж-а кең-кол) бөлүнөт. Алардын ар бири чөкмө тоо тектердин топтолушу, айрым учурда тектоникалык тынч кырдаалда базальттын агып чыгуусу м-н башталып, бүктөлүүлөрдүн пайда болушу, гранит магмасынын жирен чыгышы ж-а тоо тектердин аймактык метаморфизмделиши м-н аяктаган. Бүктөлүү мезгилинде мүмкүн тоолор пайда болуп, айрым учурда кычкыл составдуу жанар тоо лавалары жер бетине агып чыккан. Бул тектоникалык циклдердин жүрүшүндө пайда болгон геологиялык тулкулардын комплекстери бири биринен ири структуралык келишпестикте жайгашкан катмарлардын үстүңкү беттери м-н бөлүнүп турат. Үчүнчү мегаэтап жер кыртышында жеңекей геосинклиналдар м-н орогендерге тиешелүү структуралардын пайда болушу м-н мүнөздөлөт. Соңку протерозойдун аягында (болжол м-н 1 млрд жыл мурда) Түн. Тянь-Шанда жер кыртышы тапгенциалдык чоюлууга учураган, блоктор бири биринен ажыран, алардын аралыктарында эвгеосинклиналдар пайда болгон. Деңиз түбүнө негиздүү лавалар агып чыккан. Ортоңку Тянь-Шань мүмкүн Түш. Тянь-Шань м-н Түн. Памир да платформа абалында калган. Протерозойдун эң аягында (720—600 млн жыл мурда) бул жерде моңгулуу тоо аймактары пайда болуп, Түн., Ортоңку, мүмкүн Түш. Тянь-Шанды камтыган ири аралыктардагы тоо аралык ойдуңдарда кесекчелүү чөгүндүлөр топтолгон. Гранитоид интрузияларынын жаралышы соңку протерозойдогу тектоникалык кыймыл м-н байланыштуу болгон. Кембрийдин башталышында Түн. Тянь-Шанда кайрадан эвгеосинклиналдык кырдаал түзүлүп, ал ортоңку ордовиктин башталышына чейин созулган. Кембрий мезгилинин эң башындагы эвгеосинклиналдарда негиздүү жанар тоо тектери жер бетине агып чыккан, ал эми ортоңку кембрий — ордовиктин башталышында иреттүү катмарланган кумдук-сланец ж-а кремнийлүү тоо тектер топтолгон. Эвгеосинклиналдардын аралыгында катуу массивдер сакталып, алардын аймактарында деңиз шартында пайда болгон карбонаттар, кремнийлүү ж-а терриген чөкмө тектери топтолгон, кээде платобазальттардын агып чыккан лавалары кезигет. Бул мезгилде Ортоңку ж-а Түш. Тянь-Шанда платформалык тектоника режими түзүлүп, деңиз шартында пайда болгон терриген, карбонат ж-а кремнийлүү тоо тектердин топтолуусу жүрөт.

Ортоңку ордовиктин 2-, соңку ордовиктин 1-жарымында эвгеосинклиналдар бири биринө кошула баштаган; ийилүүлөр пайда болуп, иреттүү катмарланган терриген чөкмөлөрү топтолгон ж-а айрым жерлерде орто составдуу лавалар (андезиттер) жер бетине агып чыккан. Мындай ийилүүлөр Түн. Тянь-Шанда мурдакы геосинклиналдардын, о. эле катуу массивдердин үстүндө жүргөн. Бул мезгилде ийилүүлөр Ортоңку Тянь-Шанда, мүмкүн Түш. Тянь-Шандын аймагында да пайда болгон. Кыргызстандын аймагында жер кыртышы ордовиктин аягы — силурдун башталышында көтөрүлүп, тангенциалдык кысылуудан ийиле баштаган ж-а кырка тоолор пайда болгон. Түн. Тянь-Шандын борб. бөлүгүндө кургактык пайда болуп, тоо аралык ойдуңдар талкаланды кесекчелүү чөкмө тоо тектерге толгон. Деңиз түн. (Чүй — Иле тоолорунан түндүгүрөөк) ж-а түш. тарапка — Түш. Тянь-Шанга ж-а бир аз Ортоңку Тянь-Шандын түш. бөлүгүнө чегинген. Бул тоо пайда болуу процесстери каледон тектоникалык циклиндеги ири кыймылдын акыркы стадиясы болгон. Ордовикте ж-а силурдун башталышында бүтүндөй Түн. Тянь-Шанды камтыган гранитоид магматизми кеңири таралган. Силурдун башталышынын экинчи жарымынан тартып ортоңку девондун башталышына чейин Түш. Тянь-Шанда геосинклиналдык кырдаал өкүм сүргөн. Эвгеосинклиналдарда суу астындагы шартта негиздүү составдагы лавалар агып чыккан, кремний, карбонат ж-а терриген тоо тектери, многеосинклиналдарда карбонат катмарлары, кремний ж-а терриген чөкмөлөрү топтолгон. Бул мезгилде Ортоңку ж-а Түш. Тянь-Шанда континенттик, орогендик кырдаал сакталган, жер бетинде

жанар тоолор атылып, алардан түрдүү составдагы (негиздүү, орто, кычкыл) лавалар агып чыккан. Тоо аралык ойдуңдарда талкаланды кесекчелүү чөкмө тектер жыйналган. Чоң-Алай кырка тоосунун аймагында платформалык абал сакталып, деңиздик шартта жука карбонат катмарлары пайда болгон.

Девондун ортосу — карбондун эң башталышында Кыргызстандын аймагынын палеотектоникалык түспөлү такыр башкача болгон. Түш. Тянь-Шанда геосинклиналдык абал сакталган. Живет кылымынын алдындагы кайра түзүлүүлөрдөн кийин бир катар көтөрүлүүлөр (аралдар) пайда болгон. Эвгеосинклиналдарда суу астында негиздүү ж-а орто составдагы лавалар агып чыккан. Миогеосинклиналдарда кремний, чопо, кум ж-а карбонат катмарлары түзүлгөн. Карбондун эң башталышында Түш. Памирдин фундаменти жарылып, геосинклиналдык деңиз шартында негиздүү ж-а орто составдагы лавалардын көп агып чыгуулары башталган. Ортоңку девондон тартып соңку девондун 1-жарымына чейинки мезгилде ортоңку Тянь-Шанда континенттик кырдаал өкүм сүрүп, жер бетинде түп. жактагы тоолордон агып келген дарыя чөкмөлөрү чогулган. Түп. Фергананын аймагында гана Ортоңку Тянь-Шандын түш. бөлүгү түштүктөн каптап келген деңиздин алдында калган. Түп. Тянь-Шандын көпчүлүк бөлүгү деңиз деңгээлинен жогору турган. Мында тоолуу рельеф басымдуулук кылган, ойдуңдарда кызыл түстүү кесек чөкмө тоо тектер топтолгон. Карбондун эң башынан Чүй, Чыгыш Кыргыз Ала-Тоо, Түп, Соңкөлдүн айланасы ж-а Чыгыш Тескей Ала-Тоо ийилүүлөрүн деңиз каптап, аларды түрдүү түстөгү эпиконтиненттик карбонат-терриген чөкмө тектери толтуруп калган. Карбондун эң башталышы — ортоңку карбондун башында деңиз тартыла баштайт. Түн. ж-а Ортоңку Тянь-Шанда деңиз чөкмөлөрү жоюлат. Ортоңку карбондун башкырт кылымынын 2-жарымынан тартып Түш. Тянь-Шанда суу астындагы кырка тоолор (кордильералар) пайда болобаштап, алардын этектеринде деңиздик шартта иреттүү калың катмарланган терриген чөкмө тоо тектери топтолот. Карбондун аягы — пермдин эң башталышынан бүткүл Кыргызстан тоолуу аймакка айланган. Тоо аралык ойдуңдарда кесекчелүү чогундү катмарлары чогулган. Пермдин эң башталышында деңиз Түш. Тянь-Шандын аймагынан толук тартылган, бирок Түн. Памирде сакталып калган. Түш. Тянь-Шандын түн. ж-а түш. чет-жакалары б-ча жер үстүндөгү жанар тоолордон түрдүү составдагы лавалар агып, рудалуу гранит плутондору жирип чыккан; гранит ж-а жегичтүү интрузиялар палеозойдун эң аягында анын борб. бөлүгүндө жирип чыккан. Соңку пермь — триастын башталышында Кыргызстандын бүт аймагы б-ча тектоникалык тынч кырдаал түзүлүп, аймак кургактыктагы түздүктөргө айланган.

Тянь-Шандын мезозой ж-а кайнозой замандарындагы геологиялык өөрчүшү. Соңку палеозойдун аягында Тянь-Шанда платформалык режим түзүлгөн. Тоо түзүлүштөрү талкаланып, рельефи тегиздеген, кең түздүктөр пайда болгон. Триастын аягында Түш.-Батыш Тянь-Шанда аймактын түздүккө айлануу ж-а акырындык м-н ийилүү процесси басымдуулук кылган. Триас мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарлары фациялык жактан бир өңчөй: конгломерат, гравелит, кумдук, алевролит, чопо. Триас мезгилиндеги үболөндү кыртыш м-н боксит сымал тоо тектердин, каолинди чопонун, кварцтуу кумдун (анын ичинде айнек кумунун да) пайда болушу байланыштуу. Юра мезгилинде жаракалар б-ча жер кыртышынын дифференциация кыймылы күчөгөн. Куш ойдуңдар — грабендер (Кабак, Ысык-Көл, Торугарт ж. б.) пайда болуп, аларда дарыя, көл, саз фацияларындагы чогундулөр топтолгон. Бул чогундулөрдүн литологиялык составы майда таштуу, кварцтуу конгломерат, гравелит, түрдүү бүртүкчөлүү кварцтуу кумдук,



алевролит, көмүрлүү чопо ж-а таш көмүр кабатчаларынан турат. Талас — Фергана жаракасынан түш.-батышта жайгашкан, жалпысынан Фергана өрөөнүнө ж-а аны курчап турган тоолорго тиешелүү аймакта юра системасынын үч бөлүмүнүн бардыгы тең толук өнүксө, ал эми Түн.-Чыгыш Тянь-Шанда юра системасынын төмөнкү бөлүмү ж-а ортоңку бөлүмүнүн асты гана өөрчүгөн. Чыгыш Фергана жаракасынын аймагындагы ойдуң өзгөчө абалды ээлейт. Мында калыңдыгы 5 км-ден ашкан чөкмө тоо тектери топтолгон. Ал эми калган аймактарда (Жыргалаң, Жергез, Сөгөттү, Кажы-Сай, Каракече, Миң-Куш) болсо юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү чөкмө тоо тек катмарларынын орточа калыңдыгы 200—300 м ди түзөт. Фергана өрөөнүндө осумдүктөрдүн арбын өсүшүнө шарт түзүлгөн, ал эми Түн.-Чыгыш Тянь-Шанда ариддик климат өкүм сүрүп, осумдүктөрго жарды болгон. Бор мезгилинде Тянь-Шань негизинен платформа катары өөрчүп, калкан ж-а плиталарга бөлүнгөн. Анын түш.-батыш бөлүгүндө валанжин-готерив ярусунан (астында) даний ярусуна чейин (үстүндө) деңиздик чөкмө тектер топтолгон. Фергана өрөөнүн бор мезгилинин аягында деңиз каптап жаткан. Андан кийинки мезгилдерде дифференциацияланган тектоникалык кыймылдын күчөшүнөн Тар суусунун өрөөнү төмөн түшүп, Чыгыш Тажикстан деңиз м-н туюк Фергана көлүн туташтырган кысыкты пайда кылган. Ошентип, Түш. Тажикстан деңизинин тузсуз суусу Тар кысыгы аркылуу Фергана өрөөнүнө агып турган. Кийинчерээк альбда Алай кысыгы да пайда болгон. Коньяк мезгилинде көтөрүлүү процесси басымдуулук кылган. Кампан кылымында бул аймак кайрадан басырылган. Маастрихт ж-а даний кылымдарында көтөрүлүү процесси күчөгөндүктөн чөкмө тоо тектер пайда болгон эмес. Чаткал — Курама зонасы ж-а Түн. Кыргызстандын Талас — Фергана жаракасынын чыгышындагы аймагы бүт, Казакстан калканынын бир бөлүгү болгон. Анда бор мезгилинде пайда болгон чөкмө тектердин катмары анда-санда гана кезигет, эң жука келип, кургактыктын чогундү фацияларынан турат. Кайнозой этабынын башталышында Фергана бөлүгүндө деңиз чөкмөлөрү топтолгон (астында бухара кабаты, үстүндө сумсар кабаты). Түн.-Чыгыш Тянь-Шанда калкандын тектоникалык режими сакталып, бор мезгилиндегидей эле тегиздик б-ча денудацияланууж-а кургактык шартындагы чөкмө тектердин жука катмарлануусу уланган. Палеоцендин башталышында Фергана ойдуңундагы деңиз алабында негизинен гипс, ал эми түштүгүрөөк жакта (Алай ж-а Чоң-Алай ойдундары) карбонат тоо тектери пайда болгон. Эоценде деңиз ташкындан, кургактыкты каптаган, кварцтуу кумдук катмарлары түзүлгөн. Бассейндин ийилүү процесси ортоңку олигоценге (сумсар мезгили) чейин уланган. Эоцендин деңиз шартында пайда болгон кумдук-чополуу чөкмө тектери олигоцендин континенттик кызыл түстүү катмарлары м-н алмашылган. Эоцендин аягында ж-а олигоцендин башталышында Тянь-Шань тоо пайда болуунун жаңы этабы деп аталган соңку орогендик этапка өткөн. Бул учурда дифференциацияланган тектоникалык кыймыл кескин күчөгөн. Неоген м-н антропоген мезгилинин ичинде тик багыттагы неотектоникалык кыймылдын толук амплитудасы 8—10 км-ге жеткен. Тоо аймактары көтөрүлгөн сайын алардан талкаланды-терриген тоо тек сыныктары ылдый карай кулап, ойдундарга чогулган. Мында дарыя, деңиз чөкмөлөрүнүн (негизинен тоо тек сыныктарынан пайда болгон чөкмө тектер) калың катмарлары топтолгон ж-а аларда гипс, глауберит ж-а таш туздарынын калың кабаттары жайгашкан. Көтөрүлүү процесстери жүрүп жаткан кырка тоолор неогендин аягынан тартып тоодогу муз каптоонун аренасына айланган ж-а ал муз каптоо антропогендин ортосунда максимумга жеткен. Кырка тоо — көтөрүлүүлөр, ойдуң — төмөн түшүүлөр негизинен мегантиклиналдар ж-а мегасиклиналдар болгон. Алар неотектоникалык этаптын ичинде адегендегидей бир калыпта турбастан жалпысынан кеңдик багытка жакын созулган неотектоникалык структураларга кайчылаш түн. ж-а түш. таранча жылган. Ойдундардын тик капталдары өз кезегинде тоо этеги түрүндө көтөрүлүү процесстерине катышкан, ошол эле мезгилде ийилген жерлердин өзү алардын жантайыңкы капталдары таранча жылган.

А. Бакиров, В. Г. Королёв, К. Сагындыков, И. Садыбакасов

Инженердик геология. Кыргызстандын аймагынын инженердик геологиялык шарттары өтө татаал ж-а ар түрдүү. Алар аймактын геологиялык түзүлүшү, геологиялык өнүгүү тарыхы, рельефи, климаты ж. б. факторлору м-н аныкталып, жогорку сейсмдүүлүк (7—9 балл) өзгөчөлүгү м-н мүнөздөлөт. Кыргызстанда тоо тектердин инженердик геологиялык бардык негизги топтору — зоокалуу, жарым зоокалуу ж-а зоокасыз тоо тектер таралган. Булардын ичинен зоокалуу тоо тектер басымдуу. Алар палеозойдо пайда болгон тоо тектердин көпчөгөн геологиялык-генезистик комплекстеринен турат. Зоокалуу же ага жакын тоо тектерге, о. эле анчалык чоң эмес аянтта жаткан триас ж-а юра мезгилдеринин чөкмө тектери да кирет. Зоокалуу тоо тектердин бузулбаган (монолит) абалында кысылууга убактылуу каршылыгы 500—3500 *кг/см²*, катуулук коэффициенти 10—20, жүк көтөрүмдүүлүк чеги 15—40 *кг/см²*. Зоокалуу тоо тектердин жалпы бышыктыгы үболөнүү зоналарында (20—30 *м* терендикке чейин) ж-а тектоникалык жаракаларда (100—150 *м* ж-а андан да терең) бир кыйла төмөндөйт (4—5 эсе, кээде андан да көп), бирок бузулбаган абалында алар бардык типтеги имараттарды, алардын ичинде оор курулуштарды да курууга жарактуу. Тоо тектердин физикалык-механикалык касиеттеринин жогорку көрсеткүчүнө ж-а гидрогеологиялык шыгайлуу шарттарга карабастан рельефтин өтө тилмелениши, деңиз деңгээлинен өтө бийик жатышы (2000—4000 *м*-ге чейин ж-а андан да жогору), жогорку сейсмдүүлүк, тектоникалык жаракалар, тоо тектерде майда жаракалардын арбын болушу, о. эле эрозия, эшилме шагыл, сел, кар көчкү, жер көчкү, көп жылдык тоң (3500—4500 *м*-ден жогору), аки таш тегиндеги карст процесстери сыяктуу ж. б. кубулуштар тоолуу аймактарда объектилерди курууга кыйла тоскоол болот. Жарым зоокалуу тектер Ички Тянь-Шандын тоо этектеринде ж-а тоо арасындагы өрөөндөрдө кеңири таралып, түрдүү составдагы моласстардан, мезозой-кайнозой замандарында пайда болгон туз-гипстүү чогундү тектерден турат. Алар зоокалуу тектер сыяктуу эле орточо, айрым учурда оор типтеги объектилерди курууга болотурган жогорку бекемдик каснетке ээ. Жарым зоокалуу тоо тектердин кысылууга убактылуу каршылыгы 50—500 *кг/см²*, катуулук коэффициенти 2—8, жүк көтөрүмдүүлүк чеги 5—15 *кг/см²*. Тоо аралык өрөөндөрдөгү үстүңкү катмарды түзгөн чөкмө тектердин геологиялык-генезистик комплекстеринин практикалык мааниси өтө чоң. Антпкени алар таралган жерлерде респ-канын экон. маанилүү райондору ж-а калктуу пункттары, а. и. Фрунзе ш., областтардын борборлору орун алган. Бул тоо тек комплекстери түрдүү ө. ж-лык, граждандык, гидротехникалык, ирригациялык ж. б. кубулуштардын кыртыш негизин түзөт; аларда сугат жерлер жайгашкан. Комплекстердин негизгилери болуп кесекчелүү борпоң чогундулөр, кум-топуроктуу ж-а лёсс сымал тоо тектер эсептелет. Кесекчелүү борпоң чогундулөр — ири ж-а майда жумуру таш кесекчелеринен турган шагыл таштар тоо этектериндеги шлейфтер (шлендилер) м-н дарыя өрөөндөрүндө топтолгон. Алар төмөндөгүдөй физикалык-механикалык касиеттерге ээ: салыштырма салмагы 2,6—3,75 *г/см³*, көлөмдүк салмагы 1,64—1,86 *г/см³*, көзөнөкчөлүүлүгү 14—34%, ички сүрүлүү бурчу 29—30°, жүк көтөрүмдүүлүк чеги 2,5—6 *кг/см²*, суу сарыктыруу (фильтрация) коэффициенти (механикалык составына жараша) 35—138 *м/сутка*. Кыртыш суулары тоо этегиндеги шлейфтер таралган аймактарда 10—100 *м*, азыркы суулардын ондурлөрүндө 0—5 *м* терендө жатат. Мын-

дай тоо тектерден түзүлгөн кыртыштар граждандык, о. ж-лык, жол ж. б. түрдүү курулуштардын пайдубалынын бекем негизи болуп саналат. Ирригациялык каналдар м-н суу сактагычтарды курууда суунун сиңип, коромжуга учурашы, о. эле кыртыштын сууга желип кетиши м-н сел жүрүүлөр эске алынат. Кум-топурактуу ж-а лёсс сымал тоо тектер ойдуңдарда антропогендик катмарлардын үстүнкү бөлүгүн түзөт; тоо этектерин, айрыкча Фергананын адырлуу зонасын дээрлик текши каптап жатат, о. эле дарыя тектирлеринде да кездешет. Алардын калыңдыгы 20—30 *м*, айрым жеринде 50 *м*ге жетет. Бул тоо тектер майда бүртүкчөлүү кум-топурактын, чанда кумдун, жумуру шагыл таштардын ж-а аки таш-чополуу конкрециялардын линзалары м-н жука кабатчалары бар алевриттердин ар кандай түрлөрүнөн турат. Кум-топурактуу ж-а лёсс сымал чөкмө тоо тектердин плээшкектиги начар, ийилгичтиги анча эмес, сууда бат (2 минутага жетпейт) эзилет, кыртыштын чөгүп кетүү каснети жогору. Шорлонуу даражасы 0,05%тен 5,6%ке жетип, ал карбонаттуулуктан хлорид-сульфаттуулукка чейин өзгөрөт. Кум-топурактуу ж-а лёсс сымал тоо тектердин жүк көтөрүү мүмкүнчүлүгү кыртыш сууларынын деңгээлинин жайгашуу терендигине жараша болот. Кыртыш суулары жер бетине жакын жаткан (0—1,5 *м*) ж-а дайыма нымданып турган жерлерде атайылап жүргүзүлгөн чараларсыз жеңил типтеги имараттарды да курууга жол берилбейт. Кум-топурактуу тоо тектер таралган аймактарда суудан жемирилүү, ылайлануу (анча жантайыңкы эмес жерлерде), кыртыштын көбүүсү ж-а чөгүп кетүүсү, сел (тоо капталына жакын жерде), суффозия (кысылган суулары бар жерлерде) процесстери болуп турат. Ирригация тармактары көп курулган тоо этектери м-н адырдөңсөлүү түздүктөрдө кыртыштын чөгүп кетүүсү, каналдардын жырылышы, кыртыштын жемирилиши ж-а жер көчкү ургаалдуу жүрүп турат. Кыртыш суулары жер бетине жакын жайгашкан (0—3 *м* терендикте) аллювий-пролювий түздүктөрүнүн ж-а дарыя өрөөндөрүнүн кыртышы өтө нымдалып, шорлонуп, саздак келет ж-а сугарганда бул процесстер күчөйт (мис., Чүй өрөөнүндө).


Жер астындагы суулар. Кыргызстандын гидрогеологиялык шартынын ж-а жер астындагы суу ресурстарынын өзгөчөлүктөрү аймактын геологиялык-структуралык факторлоруна, климатына, рельефине, айрыкча ирригация ж-а суу м-н камсыз кылуу жаатында адамдын инженердик ишаракетинин таасиринe тыгыз байланыштуу. Кыргызстандын аймагындагы жер астындагы суулар гидрогеологиялык структурасы б-ча бири бирине кескин айырмаланган 3 негизги кабатка ажыратылат. Үстүнкү кабатта антропогендин борпоң тектеринин көңдөйчөлөрүндө чогулган суулар, ортоңку кабатта неоген-палеогендин ж-а мезозойдун жарым зоокалуу тектериндеги көңдөй-жарака суулары, астыңкы кабатта палеозой ж-а протерозойдун зоокалуу тектериндеги жарака, чанда жарака-тарам ж-а жарака-карст суулары топтолгон. Бул кабаттардын айкалышуусу б-ча жаңы структуралык формаларда ж-а азыркы рельефте 2 негизги гидрогеологиялык структура — гидрогеологиялык массивдер ж-а артезиан бассейндери болуңот. Аларда жер астындагы суулардын пайда болуу ж-а топтолуу, суунун жылышына карай аймак б-ча таралуу ж-а ич ара кайра бөлүнүү өзгөчөлүктөрү, кыймылы, сапаты даана байкалат.

Гидрогеологиялык массивдер гидрогеологиялык-структуралык түзүлүштүн астыңкы кабатынын үстүнкү бетинен уруюп чыгып турат ж-а бүктөлүүлөрдүн келки көтөрүлүүлөрүндө — кырка тоолордо жайгашат. Мында ондогон жден 150—200 *м*ге чейинки тереңдиктеги үзөлөнүү зоналарында болүнүү болуп аккан басымсыз жарака кыртыш суулары арбын. Бул массивдер жер астындагы суулардын топтолуусуна ыңгайсыз. Анткени рельеф ургаалдуу ж-а терең (200 *м*-ге чейин) тилмеленгендиктен жер астындагы суулар дайыма жерг. гидрографиялык тармактарга агып чыгып, аларга кошулат да суу агымын толуктап турат. Мындай кошумча суулар дарыялардагы жалпы суу агымынын 25—35%ин түзөт. Ошондой эле массивдеги жер астынан чыккан көптөгөн булактар чакан чарба объектилерин суу м-н камсыз кылат.

Артезиан бассейндери — жер астындагы суулардын татаал бүктөлүү-келки ийилүүлөрдө (тоо аралык ойдуңдарда) топтолгон жери. Мында негизинен гидрогеологиялык структуранын үстүнкү ж-а ортоңку кабаттарының, айрыкча практикалык жактан пайдаланууга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү болгон түзсүз таза суулардын ресурсу бар үстүнкү кабатынын мааниси чоң. Кыргызстандын аймагында бардыгы болуп 50дөй артезиан бассейни бар, алардын 30дайы ири ж-а орточо бассейндер. Эреже катары алар үч кабаттуу түзүлүштө болуп, сырткы ж-а ички бассейндерге бөлүнөт. Сырткы бассейн негизинен мезозой-кайнозойдо калыптанып, тектоникалык жаңы этаптын бүктөлүү-келки ийилүүсүнүн фонунда өнүккөн. Ички бассейн кайнозойдо пайда болуп, гидрогеологиялык массивдер м-н бирге антропоген мезгилиндеги көтөрүлүү процессинде дуушарланган. Сырткы бассейндерде (Чүй, Фергана, Ысык-Көл ж. б.) көбүнчө алардын четки ж-а борб. бөлүктөрү жакшы байкалат. Четки бөлүктөрү тоо этектеринде жайгашып, анын гидрогеологиялык структурасынын ортоңку кабаты жер бетине чыгып жатат, ал эми үстүнкү кабаты адыр аралык ойдуңдарда гана өнүккөн. Анын жер астындагы суулары майда жумуру таштуу шагылдардын арасынан чыгып, калк жашаган көптөгөн пункттарды, айрыкча Жалал-Абад, Фрунзе ж. б. шаарларды суу м-н камсыз кылат. Сырткы бассейндердин тоо аралык ойдуңдарга, алардын азыркы кездеги чегине туура келүүчү борб. бөлүгүнүн бардык жеринде гидрогеологиялык-структуранын үстүнкү кабаты таралган. Бул кабаттын калыңдыгы бир кыйла (350—500 *м* ж-а андан да көп) ж-а анын горизонталдуу гидрогеологиялык зоналуулугу, айрыкча Чүй артезиан бассейнинде даана байкалат. Мында 4 зона бөлүнөт: жер астындагы суулардын калыптануу зонасы; жер бетине агып чыгып, коромжуга учуроо (бууланууу ж-а өсүмдүктөрдүн сууну сиңирип алуусу) зонасы; транзит зонасы ж-а табигый ири дренаж зонасы. Тоо этектеринде майда жумуру таштуу шиленди конустарды камтыган калыптануу зонасында дарыялар м-н каналдардын нуктарында суу сарыгып, көп коромжуга (70—80%ке чейин) учурайт. Демек жер астындагы суу бассейндеринин борб. бөлүгү негизинен ошо сиңип сарыккан суудан куралат. Мында бир кыйла тереңдикте (100—50—10 *м*) кыртыш сууларынын басымсыз бир чоң агымы пайда болуп, гипсометриялык жактан өзүнөн төмөн жаткан башка зоналарды көздөй эркин агат да, башка шартка дуушарланып, кайрадан бөлүнүп агуу процесси жүрөт. Бул зоналарда кыртыш ж-а басым астындагы суулардын бирдиктүү кысылган комплекси пайда болот. Бул комплекс арасында майда жумуру таштуу шагылдардын, кум-шагылдардын тектеринин ж-а кумдун кабатчалары ж-а линзалары бар кум-топурактын калың катмарында жатат. Ал калыптануу зонасынан келүүчү жер астындагы суу агымынан ж-а жерг. ирригациялык системалардагы сарыккан суудан толукталып турат. Жер астындагы суулардын жер бетине агып чыгуу зонасына булак суу тармактарынын — «кара суулардын» жыштыгы, кыртыш сууларынын анча терең эмес (3 *м*ге чейин) жатышы, кысылган суулардын пьезометриялык деңгээлинин жогору болушу (бургулоо көзөнөктөрүнөн суу өзү эле агып чыгат) мүнөздүү. Транзит зонасында жер астындагы суулардын жер бетине көтөрүлүү процесстери басаңдап, жер астындагы суулардын деңгээли тереңдейт (10—30 *м*ге ж-а андан да төмөн); бат-бат сугарылуучу массивдерден башка жерлерде кысылган суулардын пьезометриялык деңгээли төмөндөйт (бургулоо көзөнөгүнөн суунун өзү агып чыгуусу токтолот). Табигый дренаждуу ири зонада (башкы дарыялардын өндүрлөрү, Ысык-Көлдүн чанагы) кенен аянттарды ээлеген саздар, чоң аянтта суусу мол топ булактар чыгып, алар жер бетиндеги агын сууларды толуктап турат. Кысылган суулар бардык жерде түзсуз, таза, кыртыш суулары көбүнчө түзсүз ж-а бир аз туздуу, бирок кыртыш суулардын транзиттик зоналарында минералданууусу жогорулап, ал 10—30 *г/л*ге жетет. Зоналардын бардыгы гидродинамикалык жактан бири бирине байланыштуу. Ар бир бассейндеги пайда болгон жер астындагы суулар гидрогеологиялык структуранын үстүнкү кабатында ич ара кайра бөлүнүп, аз гана (1%ке чейинки) бөлүгү жер асты м-н башка жакка кетет. Жер астындагы суулардын негизги бөлүгү жер үстүнө агып чыгуусу ж-а бууга айлануусу м-н чыгымдалат. Натыйжада жер астындагы суулардын агымын жасалма жол м-н кайра бөлүштүрүп, аны эл чарбасы үчүн керектүү багытта пайдалануута болот. Ички артезиан бассейндери сырткы бассейндерден гидрогеологиялык структурасынын үстүнкү кабатынын жукалыгы (150—200 *м*ге чейин), кабаттын бөлүнүү-болүнүү болуп таралышы ж-а көбүнчө бүт калыңдык б-ча тармакталышы, гидрогеологиялык горизонталдуу зоналуулуктун жоктугу же начар өнүккөндүгү, четки ж-а борб. бөлүктөрүнүн даана байкалгандыгы, жер астындагы суу массасынын көбүрөөк топтолуу шартынын начардыгы м-н айырмаланат. Тоо аралык артезиан бассейндеринин гидрогеологиялык структурасынын ортоңку кабаты мезозой-кайнозойдун моласстуу калың (1 *км*ден 4—6 *км*ге чейинки) катмарларында, чанда деңиз ж-а лагуна чөкмөлөрүндө суулуу комплекстерди ж-а горизонтторду камтыйт. Жерг. гидрографиялык тармактардын деңгээлине чейин жайгашкан тоо тектер көбүнчө суусуз, кыртыш суу чанда кездешет. Тереңдеген сайын кыртыш суулары тоо тектерде кеңири таралып, алар негизинен катмар аралык кысылган, көбүнчө жылуу ж-а минералдуу болот.


Артезиан бассейндери ж-а аларды курчаган гидрогеологиялык массивдердин бөлүктөрү суу бөлгүч кырларга чейин жер астындагы суу чогултуучу бассейндерге бириген; алардын чеги гидрографиялык системалардын чегине туура келип, ар бирине жер астындагы суулардын пайда болуу процесстерин (куралуусун, кыймылын, ич ара кайра бөлүнүүсүн, чыгымын) бүт камтыган гидрогеологиялык циклдин аякташы мүнөздүү. Жер астындагы суу чогултуучу бассейндер гидрогеологиялык аймактарга (региондорго) — Чүй—Талас, Ысык-Көл, Нарын, Сары-Жаз — Ак-Сай, Фергана ж-а Алайга бириген. Биринчи 5 аймак Тянь-Шань, Алай — Памир гидрогеологиялык келки бүктөлүү областына кирет. Бул бөлүнгөн аймактар гидрогеологиялык шартынын бөтөнчөлүүлүгү м-н айырмаланып, жер астындагы суу ресурстарынын пайда болушуна таасир этет. Антропогендин борпоң чөкмө тектеринде жер астындагы суулардын ресурсунун табигый, б. а. жыл сайын толукталып туруучу көлөмү тоо аралык ойдуңдарда (артезиан бассейндеринде) 246 $м^3/сек$ны түзөт. Суулардын эң көп ресурсу тышкы артезиан бассейндеринде топтолгон ($м^3/сек$ м-н): Чүйдө 71,3, Ысык-Көлдө 34, Таласта 31,5, Ферганада (Кыргыз ССРинин чегинде) 31,1. Ички бассейндерде алар бир кыйла аз: Алабуга — Нарында 1,5, Тогуз-Тородо 5, Арпада 7, Ат-Башыда 24, Кочкордо 9, Жумгалда 2,6.

Азыр жер астындагы суулардын табигый ресурсун пайдалануу түрдүү артезиан бассейндеринде 5—15%тен ашпайт. Бул болсо коммуналык, турмуш-тиричилик


ГИДРОГЕОЛОГИЯЛЫК РАЙОНДОШТУРУУ
60 0 60 120 км.
АЛМАТЫ
ТАШКЕНТ
Ысык-Көл
Чаткал
Сары-Жаз
Ак-Сай
Нарын
Чатыр-Көл
Сон-Көл
Ат-Башы
Кочкор
Жумгал
Ак-Сай
Кара-Суу
Кара-Балта
Кемин
Чүй
Сокулук
Токмок
Кара-Буура
Кара-Балта
Кара-Суу
Кочкор-Ата
Кара-Кулжа
Ноокен
Кара-Өзөк
Кара-Суу
Ноокат
Кара-Кулжа
Кара-Өзөк
Ноокат
Кара-Суу

ж. б. муктаждыктар үчүн суу м-н камсыз кылууну жакшыртууга ж-а андан ары өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Бирок, суугa болгон муктаждык жыл сайын (60-жылдардын ортосуна салыштырганда сууну пайдалануу 15 эсе көбөйдү) өсүүдө. Бул кырдаал сууну ашыкча коромжулоого жол бербөөнү ж-а аны илимий негизге таянып туура пайдалануну талап кылат. 70-жылдарда жер астындагы суулар сугатка кеңири пайдаланыла баштады, айрыкча кургакчыл жылдарда жер астынан алынган суулардын көбү сугатка керектелинет. Сугат дыйканчылыгы — Кыргызстандын эл чарбасынын эң маанилүү тармагы. Сугат жерлерде жер астындагы суулар бир жагынан сугатчылыктын көшүмча булагы болсо, экинчи жагынан, кээде алар жер бетине жакын жатса аймактардын сазга айлануусуна ж-а шорлонуусуна көмөкчү болушу мүмкүн. Респ-када шор топуракту ж-а саздак жерлердин жалпы аянты 400 миң *га*. Мунун көпчүлүгү Чүй өрөөнүндө (223 миң *га*) ж-а Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүндө (128 миң *га*). Чүй өрөөнүндө топурактын шорлонуусу кайталанып турат, ал ариддик климатта аймактын начар дренаждануу шартында кыртыш сууларынын жер үстүнө жакын жайгашуусунан пайда болот. Кыртыш сууларынын дайыма буулануу турушу осумдүктердин тамыры жайгашкан кыртышта ж-а андан да терецирээкте туздун топтолушуна алып келет. Чүй өрөөнүндө кыртыш сууларынын деңгээлин төмөндөтүү ж-а жердин мелиоративдик абалын жакшыртуу үчүн ачык ж-а жабык горизонталдык дренаждоо, кээде вертикалдык дренаждоо м-н коштоп колдонулуп, андан алынган сууну сугатка пайдалануу болот. Ысык-Көл, Талас, Фергана өрөөндөрүндө топурак-кыртыштын шорлонуусунун кайталануу процесстери айрым аянттарда гана байкалат. Мында шорлонууга каршы күрөшүү бир кыйла жеңил. Анткени шорлонгон ж-а сазга айланган жерлерге жакын рельефтин табигый дренаждоочу элементтери жайгашкан. Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүндө (Алабуга — Нарын, Жумгал, Суусамыр, Кочкор ж. б.) жердин шорлонуусу башка себептерге байланыштуу. Мында кыртыштагы туздун топтолуу процесси өрөөндөрдүн ичинде ж-а анын чет-жакаларындагы тоо этектеринде жайгашкан дөңсөөлөрдү түзүүчү туздуу ж-а гипстүү палеоген-неоген катмарларынын бузулуп, үбөлөндүгө учурашынан пайда болгон антропогендик чөкмө тектер м-н бирге жүрөт. Бирок бул туздар аймактын табигый дренаждоочу шартына байланыштуу тез эле жуулуп кетет. Ал болсо жердин геологиялык түзүлүшүнө ж-а антропоген мезгилинин чөкмө тектеринин бүтүндөй калыңдыгы б-ча жыш тилмелешген эрозиялык тармактарга байланыштуу. Айрым жерлерде гана жердин мелиорациялык абалын жакшыртуу максатында гидротехникалык чараларды жүргүзүү талап кылынат.

Кыргызстан аймагында практикалык мааниси чоң мындай жер астындагы, айрыкча, тузсуз таза суулардан башка жылуу ж-а минералдуу суулар да кеңири таралган. Мында 125тен ашуун жылуу-минералдуу суу булактары белгилүү. Алар төмөнкү типтерге бөлүнөт: көмүр кычкылдуу, жылуу суу, күкүрт-суу тектүү, иод-бромдуу, туздуу ж-а рассолдор. Булардын ичинен көп таралганы — аз минералдашкан жылуу суулар. Алар ири тектоникалык зоналардагы палеозой ж-а палеозойго чейинки тектердин жаракаларында кеңири тарап, гидротерм системаларын пайда кылат. Булардын көбү азоттуу терм суулары: жылуу (20—35°С), ысык (35—42°С) ж-а өтө ысык (42°Сден жогору). Алардын пайда болушу атмосфералык ж-а эриген кар сууларынын жаракалар аркылуу өтө терецдикке өтүшүнө байланыштуу. Суу терецдикке жеткенде жогорку температурага, өзүнө мүнөздүү химиялык составга ээ болуп, кайрадан гидрогеологиялык массивдердин чегинде (негизинен Тескей, Талас — Кыргыз Ала-Тоосу) терең канчыгайларда ж-а дарыя өрөөндөрүндө жер бетине чыгат. Суунун минералдануусу көбүнчө 2 *г/л*ден ашпайт, айрымдары радондуу. Мындай типтеги жылуу суулар Ысык-Ата, Ак-Суу, Теплоключенка, Жети-Өгүз ж. б. жерлерде бар. Жылуу-минералдуу суулар Фергана, Ысык-Көл, Чүй ж. б. артезиан бассейндеринен (Жалал-Абад, Жыр-



галаң, Чолпон-Ата, Сүлүктү) да чыгат. Ар кандай типтеги көмүр кычкылдуу суулар да көп кездешет: боржоми (Чавый, Шилбилүү, Сур-Таш ж. б.), арзни (Аркар-Шоро, Коңур-Дөбө), ессентуки (Кара-Кулжа, Колубек), кисловодск (Чатыр-Көл) ж-а дарасун (Жар-Таш) ж. б. Боржоми, арзни ж-а ессентуки тибиндеги суулар Сөөк кантал артезиан бассейнинде (Фергана кырка тоосунун түн.-чыгыш бөлүгүнүн түш.-батыш капталында) көбүрөөк кезигет да жаракалар м-н татаалданган юра ж-а бор мезгилдериндеги тоо тектердин жаракалуу калың катмарларында жайгашкан. Нарзан тибиндеги суулар Кабак, Ат-Башы тоолорунда, Чатыр-Көлдүн айланасынан ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан табылган. Көмүр кычкылдуу суунун темп-расы 2—10°С, айрым учурда 14—19°Сге чейин, жалпы минералдануусу 1,3—10, кээде 15—19 *г/л*ге чейин, көмүр кычкыл газы 500—2500 *мг/л*. Күкүрт-суутектүү суулар Фергана артезиан бассейнинин чет-жакаларында таралып, нефтьгаздуу структура түзүүчү палеоген-неогендин катмарлары м-н байланыштуу. Суулары составы б-ча мацеста тибиндеги сууларга окшош (Чаңгыр-Таш, Майлы-Сай, Майлы-Суу, Шор-Булак, Көк-Таш ж. б.). Күкүрттүү суутектин эң көп концентрациясы 500—600 *м* терендиктеги сууларга мүнөздүү, терендеген сайын суунун минералдануусу 5тен 44 *г/л*ге, темп-расы 10дон 30°Сге чейин жетет. Бир гана Чүй артезиан бассейниндеги Серафимовка структурасында бургулоо көзөнөгүнөн чыгарылган сууну эсептебегенде башка артезиан бассейндеринде күкүрт-суутектүү суулар кезикпейт. Фергана артезиан бассейнинде йод-бромдуу, йод-борлуу суулар белгилүү (Туздук, Избаскен). Туздуу суулар м-н рассолдор жогорку минералдуулугу (150—350 *г/л*ге чейин) ж-а хлор-натрийлүү составы м-н мүнөздөлөт.

Алар бор, палеоген ж-а неоген мезгилдеринде (Алай, Фергана, Токтогул, Чүй артезиан бассейндери) же палеозойдун аягында (Үч-Кашка, Туура-Суу) пайда болгон кумдук-сланец тоо тектеринин арасындагы туз-гипстүү катмарларга байланыштуу.

Изилденген объектилердеги минералдуу ж-а жылуу суулардын табигый ресурсу жалпысынан 60 миң $м^3$/ди түзөт, анын 22,1 миңи көмүр кычкылдуу суу, 35,3 миңи жылуу суулар, 1,3 миңи күкүрт-суутектүү, 0,14 миңи туздуу суулар ж-а рассолдор. Артезиан бассейндеринин гидрогеологиялык структурасынын ортоңку кабатындагы (терең бөлүктөрүндө) минералдуу ж-а жылуу суулардын чоңдук бирдиги ж-а молдугу азырынча толук эсепке алына элек. Бирок жалпы гидрогеологиялык маалыматтарга таянып, жылуу минералдуу суу ресурстарынын запасы бул кабатта азыркыга чейин табылгандарыкына караганда алда канча көп болуш керек деп тыянак чыгарууга болот. Кыргызстан жылуу ж-а минералдуу суулардын ар түрдүүлүгү ж-а молдугу б-ча СССРдин курорт-санаторий тармагынын өсүшүнө ыңгайлуу перспективасы бар эң бай райондоруна кошулат (к. *Саламаттык сактоо* бөлүгүн). Азыркы иштен жаткан курорттор (Ысык-Ата, Жалал-Абад, Ак-Суу, Жыргалаң, Жети-Өгүз) ж-а минералдуу сууларды бөтөлкөго куюу заводдору (Ак-Суу, Кара-Шоро) минералдуу суулардын жалпы ресурсунун бир аз гана бөлүгүн пайдаланат. Минералдуу ж-а жылуу сууларды келечекте бальнеологиялык максаттар үчүн пайдалануу өтө ыңгайлуу. Бул сууларды пайдалануунун суу м-н камсыз кылуу, жайыттарга суу чыгаруу, сугатка ж-а жылуулук берүү максатта пайдалануу сыяктуу башка дагы практикалык чоң маанилүү жактары бар.

И. Г. Григоренко. | *О. К. Ванина*

КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Кыргызстандын кен байлыктары негизинен күйүүчү заттар, металлдар, металл эместер, жер астындагы суулар м-н дары батмактар болуп 4 ири топко бөлүнөт.

Күйүүчү заттардын кендери. Респ-канын аймагында күйүүчү заттардан көмүр, күйүүчү сланец, чым көң, газ ж-а нефтинин кендери табылган. Булардын ичинен көп таралганы — көмүр. Анын запасы б-ча Кыргызстан О. Азияда алдыңкы орунду эээлейт. Көмүр ж-а нефть кендери казып алынып жаткан жерлерде калктуу ири жайлар — Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр ш-лары, Кочкор-Ата, Миң-Куш посёлкалары ж. б. пайда болгон.

Көмүр кендери. Октябрь рев-ясына чейин Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак ж-а Таш-Көмүр кендери гана пайдаланылган. Көмүрдү казып алуу кустардык жол м-н жоококой казындыларда жүргүзүлүп, ондүрүмдүүлүгү өтө аз болгон (мамлекеттештирер алдында көмүр кендеринен жылына 103 миң *т* гана көмүр казып алынган). Мурда белгилүү болгон көмүр кендери Совет бийлиги мезгилинде кайрадан дыкаттык м-н изилденип, О. Азиядагы эң ири — Өзгөн таш көмүр ж-а Кабак күрөң көмүр бассейндери ачылган.

Кыргызстандын көмүр кендери мезозойдун башталышындагы (триастын аягы — юранын башталышы) көмүр пайда болуу этабына туура келет. Көмүрлүү аймактар Түш. Тянь-Шань ж-а Түш. Тянь-Шань болуп экиге бөлүнөт. Биринчисинде Кабак бассейни м-н Түш. Ысык-Көл көмүрлүү району, экинчисинде Өзгөн бассейни, Түш. Фергана ж-а Түш. Фергана көмүрлүү райондору бар. Алгачкы мезозойдун жер бетине чыгып жаткан ө. ж-лык маанидеги көмүр катмарлуу чөкмө тоо тектеринин жалпы аянты 5000 $км^2$. Бул аянттан 1982-жылга чейин 35 көмүр кени табылып, алардын 15инде толук, 7синде алгачкы чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Жер үстүнөн өлө ачык казып алынчу энергетикалык көмүрдүн арбын запасы (85%ке чейин) Кабак көмүр бассейнинде топтолгон. Бул бассейндеги көмүр кендеринин эң ириси — Каракече кени. Анын запасы жылына 6 млн тонна көмүр казып алууга болот турган кесилишти курууга мүмкүндүк берет. Кыргызстандын көмүрү метаморфизм даражасы б-ча негизинен таш көмүр ж-а күрөң көмүр болуп 2 топко бөлүнөт. Таш көмүрдүн узун жалындуудан антрацитке чейинки бардык белгилүү маркасы кезигет. Өзгөн бас-

Кыргыз ССРинин көмүр ресурсу (1982).

Көмүрдүн түрү ж-а өздөштүрүлүшү	Запасы, млн *т*			
	Геологиялык жалпы запасы	Балансташысы		Прогноздолгону
		бардыгы	анын ичинен ачык казып алынчусу	
Бардыгы:	28317	1294,2	305,3	26090
анын ичинен:				
көмүрдүн маркасы б-ча:				
энергетикалык күрөң көмүр . .	5158,1	849,0	550,6	3954
энергетикалык таш көмүр . .	19643,4	445,4	19,4	19196
кокталуучу таш көмүр	2636,0	152,9	—	2180
өтө метаморфизмделген таш көмүр	867,7	107,7	—	760
өздөштүрүлүшү б-ча:				
иштетилип жаткан шахталар м-н кесилиштердин аянттарында .	3496,7	223,7	123,8	3276
шахталар м-н кесилиштердин резервдик участкаларында . .	1572,8	297,8	446,2	1275
келечекте иштетилүү участкаларда	23235,7	1693,7	—	21542

сейпиндеги көмүр жогорку сапаттуу: составында нык, күл, күкүрт, фосфор салыштырмалуу аз, жылуулук берүүсү жогору (Кара-Дөбө, Кум-Бел, Зындан кендери); көпчүлүгү коксталууга жарамдуу (Туюк, Каргаша, Көк-Кыя кендери). Казып алынып жаткан Көк-Жаңгак м-н Таш-Көмүр кендеринин таш көмүрү энергетикалык көмүргө тиешелүү болгон жакшы сапаттарга ээ: күлдүүлүгү 20%тен ашпайт, нымы 6%, күкүрту 2%, күйүүдөгү жылуулук берүү кубаты 5000—5500 *ккал/кг*. Күрөң көмүр энергетикалык муктаждыктар үчүн пайдаланылат. Алардын ичинде Кабак бассейнинин көмүр кендерине (Каракече, Ак-Улак) эң жогорку сапаттуулук мүнөздүү.

Көмүр кендеринин геологиялык түзүлүшү анча татаал эмес. Таш көмүр катмарлары көбүнчө жука (0,5—1,3 *м*) ж-а орточо (1,3—2,5 *м*), күрөң көмүрдүкү — калың (3,5 *м*ден жогору). Көмүрдүн чалгындалган баланстагы запасынын көбүн штольня, карьер, о. эле анча терең эмес шахта (400 *м*ге чейин) м-н казып алууга болот; көмүр запастарынын молдугу ж-а пайдалуу катмарлардын салыштырмалуу туруктуулугу казып алуу жумуштарынын ар кандай түрүн колдонууга жол берет. Чалгындалган көмүр кендеринин көпчүлүгүнүн тектоникалык түзүлүшү салыштырмалуу жөнөкөй, көмүрлүү кабаттарга жанаша жаткан тоо тектер бир кыйла бекем, кендерде саркынды суу аз. Көмүр казып алуу жумуштары 80-жылдардын башында 12 ишканада, 7 шахтада ж-а 5 карьерде жүргүзүлгөн, алар негизинен респ-канын түштүгүндө Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Абшыр, Алмалык, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр кендеринде топтолгон; Түн. Кыргызстанда анча көп эмес өлчөмдө Жыргалаң, Соготту, Миң-Куш кендеринде казып алынат. Көмүр казып алуу о. ж-нын мындан ары өнүгүшү Өзгөн ж-а Кабак бассейндеринде кендерди өздөштүрүү м-н камсыз кылынмакчы.

Күйүүчү сланецтер. Күйүүчү сланецтердин запасы бир гана Өзгөн таш көмүр бассейниндеги Каргаша кенинде белгилүү. Мында ал көмүр катмарларынын арасында жука кабатча түрүндө кездешет. Сланецтер төмөндөгү сапаттык көрсөткүчтөр м-н мүнөздөлөт: күлдүүлүгү 46—50%, учма заттар 45—60%, күкүрт 0,4—0,5%, көмүртек 83%, суутек 5,7—6%, чайыр 6—20%, күйүүдөгү жылуулук берүү кубаты 3 200—3 800 *ккал/кг*. Сланецтердин жалпы запасы 65 млн *т* (1982). Каргаша көмүр кенин ишке киргизгенде гана о. ж-лык маанеге ээ болот.

Чым көң. Чым көң жаткан жерлер Кыргызстандын аймагынын 0.02%ин ээлейт. Алар негизинен Нарын, Чүй, Талас, Жыргалаң д-лары ж-а алардын куймаларынын жайылмаларындагы камыш-өлөң чөптүү саздарга туура келет. Кендери майда: запасы 5 млн $м^3$ ге чейин жеткен чым көң чыгуучу жер Чүй өрөөнүндө (Токмок), 3 млн $м^3$ге чейинкиси Ысык-Көлдө (Көнүр-Өлөң) жайгашкан. Чым көң төмөндөгү сапаттык көрсөткүчтөрү м-н айырмаланат (орточо маалымат м-н): 30—40% нымдуулуктагы салыштырма салмагы 1.4—1,6, көлөмдүк салмагы 1,12—1,41, күлдүүлүгү 33—40%, 10—13% нымдуулукта күйүүдөгү жылуулук берүү жөндөмдүүлүгү 2 000—3 500 *ккал/кг*. Респ-када чым көң отун катары аз пайдаланылат. Негизинен айыл чарбада жер семирткич катары колдонулат. Айрым чым көң жаткан саздуу жерлерден дары баткак кендери табылган (Камышановка, Жыргалаң, Үгүт ж. б.).


Нефть ж-а газ. Нефть ж-а газ кендери респ-канын түштүгүндө (Ош обл.) жайгашып, Фергана нефть-газдуу областына кирет. Нефть м-н газ кендери мезозой-кайнозойдун (юра, бор ж-а палеоген) чөкмө тектеринде жайгашкан. Нефтинин о. ж-лык маанидеги кендери негизинен палеогендин кумдук ж-а аки таш тектеринде, газдыкы — бор мезгилинин аягында ж-а башталышында пайда болгон ар түрдүү бүртүкчөлүү кумдукта, кээде кумдуктуу аки таш тектеринде, конгломераттарда топтолгон. Түн. Фергананын нефть-газ кендери тектоникалык жактан Карагундай ж-а Майлы-Сай ири структураларынын антиклиналдык бүктөлүүлөрүндө, Түш. Фергананын кендери да антиклиналдык бүктөлүүлөрдө (Гуаан аттуу ири көтөрүлүүнүн чокчо бөлүгүндө) жайгашкан. 1982-ж. 1-январда 4 нефть (Майлы-Сай, Чыгыш Избаскен, Чаңгыр-Таш, Кара-Жыгач), 4 газ-нефть (Избаскен, Майлы-Суу-3, Майлы-Суу-4, Түн. Риштан) ж-а 4 газ (Кызыл-Алма, Арлык, Сары-Камыш, Сары-Таш) кени пайдаланууда болгон. Нефть кендеринин көбүнүн продуктуулук коэффициенти төмөн келип, аларда суу көп кездешет. Кыргызстандын нефть-газ о. ж-нын мындан аркы өнүгүшү пайдалене элек аймактардан ж-а Түш. Кыргызстан нефть-газдуу райондорунун терең жаткан горизонтторунан о. ж-лык кенди табуу келечегине, о. эле нефтинин продуктуу катмарларынан нефтини какшыта алуу ыкмаларын иштеп чыгууга байланыштуу.

Руда кендери. Кыргызстандын аймагында негизинен темир, жез, коргошун, цинк, молибден, боксит, висмут, сыман, сурьма, алтын ж-а калайдын кендери бар.


Темир рудалары негизинен Нарын д-нын баш жагындагы Жетим кырка тоосунун аймагында жайгашкан. Руда тулкулары кембрийге чейинки мезгилдин аягында пайда болуп, кабат ж-а линза түрүндө кендик багытта созулун жатат. Рудадагы темир 30—33%ке жетет. Кендердеги руданын эсептелген жалпы запасы C_2 категориясы б-ча 5,6 млрд *т*. Ортоңку Тянь-Шандын аймагында ордовик мезгилинде пайда болгон темир-марганецтин анча бай эмес рудасы үзүк-үзүк тилке түрүндө жайгашып, чыгышта Сары-Жаз кырка тоосунан башталып, батышта Чаткал кырка тоосуна чейин созулуп жатат. Жетим кырка тоосунун аймагындагы рудалуу горизонтто темир 12,5%, марганец 12%ти түзөт.

Жез рудалары респ-канын аймагында контакт-метасоматоз (скарн), гидротерм ж-а стратиформ жолдору м-н пайда болгон кенчелерде кезигет. Контакт-метасоматоз жез рудалары Соңкол (Кум-Бел), Чаткал (Боз-Эмчек), Чандалаш (Куру-Тегерек) кырка тоолорунан табылган. Бул рудалардын заттык составы өтө татаал. Анткени минерал пайда болуу процессинде темир, жез, молибден, алтын, висмут, платина ж. б. минералдашуулар үстү-үстүнө кошумчаланып турган. Жездин гидротерм жолу м-н пайда болгон кенчелери интрузия, эффузив ж-а чөкмө тоо тектеринде кварц, кальцит ж-а халькопириттен турган майда тарамчалар түрүндө кезигет. Стратиформ жолу м-н пайда болгон жездин кенчелери Талас кырка тоосундагы венд (Кызыл-Бел, Элчи) ж-а карбон (Шамшы, Кегети, Эки-Чат), бор (Чоң-Алай) мезгилдеринин ар түрдүү тустогу формацияларында бар.

Коргошун-цинк рудалары Кыргызстандын дээрлик бардык жеринен табылган ж-а бардык тоо тек формацияларында м-н структуралык ярустарда кезигет. Коргошун-цинк рудаларынын кендери генезистик жактан эки топко — гидротерм ж-а стратиформ кендери болуп бөлүнөт. Гидротерм кендери кеңири таралган. Эрежеге катары алар металлдарынын жогорку концентрациясы м-н мүнөздөлөт. Булар өз ичинен гидротерм-метасоматоз ж-а гидротерм-тарам түрлөрүнө ажыратылат. Биринчи түрүнө рифейдин аягында (Талас Ала-Тоосу), кембрий-ордовикте (Кеңшанык), девондо (Көркана), карбондо (Ак-Таш, Көк-Жар) пайда болгон доломит, аки таш тектеринде ж-а жанар тоо тектеринин өзгөрүлгөн зоналарында (Түш. Таш-Короо) топтолгон кендер кирет. Гидротерм-тарам түрүндөгү коргошун-цинктин кендери өзгөчө Түн. Кыргызстанда кеңири таралган. Алар гранитоиддерде (Гранитогорский, Борду, Чолок-Терек, Темир-Тор-Булак ж. б.), кумдук ж-а сланецтерде (Ак-Кол, Арсы, Чамыңды) кезигет. Руда тулкулары коргошун-цинктин минералдары бар кварц, кварц-карбонат, флюорит ж-а барит тарамчалары түрүндө кездешет. Стратиформ тобундагы коргошун-цинк кендерине Чаткал кырка тоосундагы девондун карбонаттуу тоо тектеринде жайгашкан Сумсар, Кара-Үйкүр, Ак-Башат кендери; Жыргалаң аймагындагы ортоң-



ГЕОЛОГИЯЛЫК КАРТА



Q Төртүнчүлүк системасы

N Неоген системасы. Континентте пайда болгон конгломерат, шагыл, алевролит, чопо, туздар.

K-P Бор менен палеоген системасынын бириккиси. Карбонат-терригендүү деңиз чөкмөлөрү.

J Юра системасы (айрымдары үстүнкү триас). Континенттик көмүрлүү терриген чөкмөлөр.

C_2-P_1 Таш көмүр системасынын ортоңку жана үстүнкү бөлөмү, перм системасынын астыңкы бөлүмү. Конгломерат, кумдук алевролит аки таш тектери.

S_2-C_1 Силур системасынын үстүнкү бөлүмү жана таш көмүр системасы. Кумдук чополуу жана кремнийлүү сланецтер, аки таштар (Какшаал-кырка тоосунда)

D_2-C_1 Девон системасынын үстүнкү бөлүмү. таш көмүр системасынын алдыңкы жана ортоңку бөлүмдөрү Түндүк Тянь-Шандын кызыл түстүү терриген чөкмөлөрү

D_2-C_2 Девон системасынын ортоңку жана үстүнкү бөлүмдөрү, таш көмүр системасынын астыңкы жана ортоңку бөлүмдөрү. Ортоңку Тянь-Шандын карбонаттуу, базоматүк жана кызыл түстүү терриген чөкмөсү, жана Борколдой кырка тоосу менен Түштүк Тянь-Шандын карбонат чөкмөлөрү

D-C_1 Девон жана таш көмүр системасынын астыңкы жана ортоңку бөлүмдөрү. Түштүк Тянь-Шандын карбонаттуу., кремний-карбонаттуу жана жанар тоо тоо тек катмарлары.

O_{3-S} Девон системасынын астыңкы жана ортоңку бөлүмдөрү. Түндүк Тянь-Шандын жер үстүндөгү жанар тоо тоо тек катмары.

S Силур системасы. Түштүк Тянь-Шандын жана Ортоңку Тянь-Шандагы Сумсар районунун сланецттүү, карбонаттуу жана терриген-жанар тоо тоо тек катмары. Ортоңку Тянь-Шандагы Чаткал кырка тоолорунун түндүк капталындагы кызыл түстүү терриген жана жанар тоо терриген чөкмөлөрү

O_{2-3} Ордовик системасынын ортоңку жана үстүнкү бөлүмдөрү. Түндүк Тянь-Шандын конгломерат-кумдук, алевролит-кумдук жана жанар тоо тоо тек катмарлары.

$\mathcal{E}$-O Кембрий жана ордовик системасы. Ортоңку Тянь-Шандын жана Түндүк Тянь-Шандагы Талас Ала-Тоосунун көмүр тек-сланецтүү жана карбонаттуу катмарлары.

$\mathcal{E}$-O_1 Кембрий системасы жана ордовик системасынын астыңкы бөлүмү. Түндүк Тянь-Шандын жанар тоо тоо тек катмарлары.

Үстүнкү протерозой (рифей жана вена)

V Вена. Ортоңку Тянь-Шандын тиллит сымал конгломераттары

V R_3 V Үстүнкү рифей, а) Талас Ала-Тоосунун терриген-карбонаттуу жана карбонаттуу катмарлары. б) Түндүк Тянь-Шандын жанар тоо жана сланец-карбонаттуу катмарлары

R_{1-2} Астыңкы жана ортоңку рифей. Түндүк Тянь-Шандын карбонат-сланецтүү катмарлары

R Рифей. Ортоңку Тянь-Шандын порфир катмары

PR Протерозой. Түштүк Тянь-Шандын жана Ортоңку Тянь-Шандагы Чаткал-Курама кырка тоолорунун жашыл таштуу катмарлары

PR_1 Астыңкы протерозой. Кристалданган сланец, мрамор

AR Архей. Гнейс, жашил таштуу тоо тек, мрамор, пегматиттер

γPZ_{2-3} Үстүнкү палеозойлук субжегичтүү жана жегичтүү интрузиялар

γPZ_3 V Үстүнкү палеозойдун гранитоид интрузиялары

γPZ_1 Астыңкы палеозойдогу (бир аз силурлук) гранитоид интрузиясы


γPR Протерозойдун гранитоид интрузиясы


Жаракалар

МАСШТАБЫ 1:3 000 000

30 0 30 60 90 120 км

КЕН БАЙЛЫКТАРДЫН КАРТАСЫ





ку карбондун башкырт ярусунун аки таш тектери м-н байланыштуу болгон Эки-Чат, Чаар-Кудук, Каркыра кендери кирет. Бул топтун кендери катмар түрүндө жайгашуусу, минералдык составынын жонокойлугу, интрузия, тектоникалык ж-а бүктолүү жаракалары м-н байланышынын байкалбаганы аркылуу мүнөздолот.

Молибден-ванадий рудалары Тянь-Шандын ортоңку ж-а түш. зопаларында таралган. Кембрий-ордовик мезгилдеринде пайда болгон көмүрлүү ж-а көмүрлүү-чопо-кремнийлүү сланецтердин (органикалык заттарга бай) катмарларында, катмарчаларында ж-а линзаларында топтолгон. Руда катмарларында ванадий м-н молибден аз санда, бирок бардык жерде бирдей тегиз таралган. Көпчүлүк учурда алар м-н кошо фосфор, коргошун, жез ж. б. да кезигет.

Боксит жаткан жерлер Түш. Тянь-Шань бокситтүү кырчоосунун аймагында, кендикке жакын багытта созулган ичке тилкеде жайгашкан. Бокситтин майда кенчелери Түш. Ферганадан (Ак-Шагыл, Хайдаркен, Чаувай ж. б.), Майлы-Суу, Кызыл-Кыя ж-а Таш-Көмүрдүн аймагынан табылган.

Висмут рудалары Кастек, Талас кырка тоолорунда жез-висмуттуу, мышьяк-висмуттуу формациялар түрүндө кездешет. Кастек кырка тоосунда жез-висмуттуу минералдануу жонокой ж-а татаал түзүлүштөгү тарамдар м-н зоналар түрүндө жатат. Талас Ала-Тоосунда мышьяк-висмуттуу руда рифейдин калың катмарлардагы кендикке жакын багытта созулган жаракаларда топтолгон. Руда тулкулары негизинен катмар, мамы, уя сымал ж-а тарамчалар түрүндө.

Сымап кендери негизинен Түш. Кыргызстандын аймагында таралган. Минералдык составы, геологиялык түзүлүү өзгөчөлүгү ж-а геологиялык-структуралык абалы б-ча кварц-флюорит-антимонит-киновардуу (жаспероиддүү), магнезий-карбонат-киновардуу (лиственититтүү), карбонат-киновардуу, кварц-диккит-киновардуу типтерге бөлүнөт. Жаспероиддүү типке аки таш тектери м-н аларды жаап жаткан сланецтердин контакт зоналарында жайгашкан сымап ж-а сымап-сурьма (мышьяк ж-а флюорит кошо) кендери (Хайдаркен, Чаувай) кирет. Руданын минералдык составы салыштырмалуу татаал. Негизги минералдары: киноварь, антимонит, кварц, флюорит, кальцит. Бул типтеги кендер генезиси б-ча гидротерм кендеринин тобуна кошулат. Алар төмөнкү темп-радагы суу эритмелеринин аракетине байланыштуу ж-а мындай кендердин ө. ж-лык мааниси чоң. Лиственититтүү типке Түш. Тянь-Шандын чет-жакаларындагы серпентиндешкен гипербазиттердин массивдери м-н тыгыз геологиялык-структуралык байланышта болгон сымап кендери кирет. Кен бир гана металлдан — сымаптан турат. Сейрек учурда ж-а аз санда антимонит, галенит ж. б. учурайт. Составында флюориттин жоктугу мүнөздүү. Рудалары массивдүү, сепкил ж-а тарамча түрүндө. Карбонат типиндеги сымап кендери (Түш. Кыргызстандагы Сымап, Адыр-Коо, Бирксуу ж. б.) карбонат тектеринин калың катмарында — аки таш тектери м-н доломиттерде топтолгон. Руда негизинен бир минералдан — киновардан түзүлгөн; кендин пайда болушу калың катмардан сарыгып өтүүчү төмөнкү темп-радагы эритмелер м-н тыгыз байланыштуу. Кыргызстандын аймагында булардан башка терриген тоо тектеринде — алевролит, кумдук, гравелит ж-а конгломераттарда пайда болгон кварцит-диккит-киноварь типи да жолугат (Молдо-Тоо).

Сурьма кендери (Кадамжай м-н Терек) жаспероиддик типке кирип, үзгүлтүксүз созулган брекчия катмарларында топтолушу м-н мүнөздолот. Руданын минералдык составы жөнөкөй келип, анда антимонит басымдуулук кылат. Экинчи даражадагы кошунду минералдардан пирит м-н марказит кезигет. Рудага массивдүү, брекчиялуу, сепкилдүү, тарамчалуу текстура мүнөздүү. Респ-ка сымап м-н сурьма казып алуу б-ча өлкөдө алдыңкы орунду ээлейт.

Алтын кендери негизинен Түп. ж-а Ортоңку Тянь-Шанда. Алар бир нече алтын рудалуу формацияны камтыган контакт-метасоматоз (скарндык) ж-а гидротерм типтерине бөлүнөт. Түп. Тянь-Шанда скарн тибиндеги алтын рудасына Насонов кени кирет, ал терриген катмарын жирен чыккан гранит-диорит массивинин түп. контактысында жатат. Алтын рудасы жез сульфиддери м-н тыгыз парагенезисте болуп, скарн кабатчаларында топтолгон. Ортоңку Тянь-Шанда контакт-метасоматоз жолу м-н пайда болгон алтын кендери скарн-алтын-шеелиттүү (Кум-Бел), скарн-алтын-жез-платинаалуу (Суулуу-Тегерек), скарн-алтын-жездүү (Боз-Эмчек), скарн-алтын-колчедандуу (Кара-Дөбө) ж-а алтын-волластониттүү формацияларына ажыратылат. Түп. Тянь-Шанда гидротерм жолу м-н пайда болгон алтын рудасы скарн тибиндегиге караганда көбүрөөк таралган. Мында алтын рудалары алтын-сульфиддүү (Солтон-Сары, Далпырак, Куран-Жайлоо) ж-а алтын-кварцтуу формацияларга ажыратылат. Ортоңку Тянь-Шандын алтын рудаларынын минералдануусу алтын-мышьяктуу, алтын-полиметаллдуу (Чапчыма, Зексай) формацияларда кездешет. Гидротерм кендеринде алтын таза түрүндө кезигет да сульфиддүү минералдарда, кварцта субдисперст түрүндө болот. Алтындуу руда тулкулары тарамдарды, линзаларды, рудалуу мамычаларды, штокверктерди түзөт. Кээ бир өрөөндөрдө (Чаткал, Суусамыр ж. б. алтындын кен чачындылары бар).

Калай рудалары Кыргызстандын аймагында кеңири тараган. Минералогиялык-геохимиялык өзгөчөлүктөрү б-ча алар силикат-кварцтуу ж-а силикат-сульфиддүү болуп, 2 топко бөлүнөт. Биринчисине пегматит ж-а касситерит-кварц, экинчисине калайлуу скарн, касситерит-силикат ж-а касситерит-сульфид формациялары кирет. Түп. Тянь-Шандын аймагында калайдын түрдүү генезистик типтеги көп майда кендери бар. Кыргыз Ала-Тоосунун батыш бөлүгүндө калайдын касситерит-сульфид (Ачык-Таш, Алмалы), калайлуу скарн (Терек-Сай, Кулан ж. б.) формацияларына кирүүчү кенчелер белгилүү; касситерит-сульфид формациясынын айрым кенчелери Ак-Түз — Борду аймактарында (Ак-Түз, Кыттуу-Сай-2, Кур-Сай) да таралган. Касситерит-кварц формациясы Күнгөй Ала-Тоонун ортоңку ж-а батыш бөлүгүндө (Орто-Байсоорун, Чоң-Өрүктү ж. б.) кездешет. Калайлуу скарндын (Узун-Булак), пегматиттин (Түз-Ашуу) ж-а калайлуу грейзендин майда кенчелери Чаткал-Курама тоолорунда таралган. Калай Түш. Тянь-Шанда Эңилчек ж-а Ак-Шыйрак рудалуу тоомдорду камтын туруучу Сары-Жаз рудалуу районунда бар. Эңилчектеги калай рудалары (Таш-Короо, Суходол, Ат-Жайлоо ж. б.) көп формациялуу ассоциациялар түрүндө гранитоид массивдеринин эндо- ж-а экзоконтакттарында топтолгон. Ак-Шыйрак рудалуу тоомундагы калай рудасы ар кайсы формацияга таандык. Касситерит-силикат формациясынын турмалин тибиндеги Лагерный, Таштарата кендери кирет. Сары-Булак кени касситерит-сульфид формациясына кошулат. Респ-канын аймагында, о. эле вольфрам, күмүш, стронций, германий ж. б-дын кенчелери да белгилүү.

Металл эместердин кендери. Кыргызстан руда эмес кен байлыктарга бай. Аларга курулуш материалдары ж-а кооздук таштар — аки таш теги, мрамор, гранит, сиенит, гипс, цемент сырьёсу, чопо, кум-шагыл кирет. Респ-када 1982-жылдын 1-январына карай алардын 116 кени белгилүү.

Кирпич-черепица сырьёсу. Чопо м-н кум, топурактын 31 кени чалгындалган. Алардын баланстагы жалпы запасы 104 млн м³. Эң ирилери — Широкий, Орок, Оттук, Покровка, Мырза-Аке, Ош, Дорбелжүн, Нарын, Достук ж-а Жалал-Абад кендери; алар экон. жактан ыңгайлуу райондордо жайгашкан. Сырьё 19 кенден ачык түрдө казып алынат ж-а дубалдык материал (курулуш кирпичи, черепица ж. б.) катары пайдаланылат.

Кум-шагыл материалдары. Кыргызстандын аймагында кеңири таралган кум-шагылдын 22 кени

чалгындалып, алардын жалпы запасы 117,2 млн $м^3$ экени аныкталган. Ири кендери: Балыкчы (17 млн $м^3$), Ысык-Ата (28 млн $м^3$), Пржевальск (11 млн $м^3$), Кожояр (13 млн $м^3$), Каттахаз (15 млн $м^3$), Ак-Терек (10 млн $м^3$). Респ-када, о. эле кумдун 9 кени бар. Анын бирөө гана (Ивановка) казылып, жылына 209 миң $м^3$ кум алынат. Казып алынган сырьёнун көбү курулуш о. ж-нда бетон кошундусу катары ж-а курулуш ылайлары жасоого керектелет.

Керамзит ж-а аглопорит сырьёлору. Чополуу сланецтин 2, кум-топурактын 3 кени чалгындалган. Алар керамзит м-н аглопорит өндүрүшүндө пайдаланылат, жалпы запасы 15 млн $м^3$. Керамзит м-н аглопорит — респ-када жеңил бетонго жасалма кошунду катары колдонулуучу сырьёлордон кеңири таралганы. Сулуу-Терек кенindеги базальт жылуулук өткөрбөөчү материал катары ж-а таш кууюда керектелет. Базальт тоо тектеринен минералдык таш буласы да даярдалат. Базальттын респ-кадагы жалпы запасы 5,5 млн $м^3$.

Гипс. Гипстин баланстык жалпы запасы 7 млн $м^3$ болгон 6 кени чалгындалган.

Цемент сырьёсу. Цемент сырьёсунун (аки таш теги, чопо, гидравликалык кошулмалар) жалпы запасы 260 млн $т$ болгон 4 кени бар. Ак-Сай кенинде цемент сырьёсунун ири запасы чалгындалып, бекитилген. Цемент сырьёсу Кант, Куба-Сай ж-а Күрмөнтү цемент з-ддорунда пайдаланылат.

Курулуш-каптама таштар. Буларга аки таш теги, мрамор, доломит, үлүлдүү аки таш теги, гранит, сиенит кирет. Респ-када 10 кени чалгындалган. Жалпы баланстык запасы 74 млн $м^3$. Ири кендери: Кыртабылгы (4,7 млн $м^3$, гранит), Ак-Өлөң (1,4 млн $м^3$, сиенит), Сары-Таш (17 млн $м^3$, үлүлдүү аки таш теги), Кайыңды (9,0 млн $м^3$, гранит), Арым (1,3 млн $м^3$, мрамор). Респ-канын таш даярдоо о. ж. таштарды 2 түрдө чыгарат: даана түрүндө жылмаланган (каптама-жасалга таштар), атайын арналган (кислотага чыдамдуу, жегичке чыдамдуу, суукка байымдуу), жолго төшөлчү таштар, дубал таштары ж-а массалык түрдө алынчу таштар (жардырып алынган, майдаланган, кесек).

Туз. Кыргызстандын аймагында таш туздун 4 кени бар: Кочкор (Чоң-Туз), Желди-Суу, Кетмен-Төбө, Тунук-Туз. Алардын баланстык запасы 6 315,0 миң $т$. Туз негизинен жерг. керектөөлөргө жумшалат (малдын жемине кошулат).

Слюда. Респ-када мусковиттин 2 кени — Кара-Суу-Каравшин ж-а Кырк-Булак (Лейлек) чалгындалган.

Барит. Барит кендеринен азырынча бир гана Кочкор р-нундагы Арсы кени белгилүү. Анда кварц-барит рудалуу 2 тулку чалгындалган. Запасы 122,8 миң тоннага жакын.

Тальк. Запасы 1 412 миң $т$ болгон Шамал-Тал-Казы кени гана чалгындалган.

Күкүрт ж-а күкүрттүү колчедан. Нукура күкүрттүн азырынча бир гана кени табылган. Күкүрттүү колчедандын чыккан жери Ачык-Ташта гана белгилүү. Баланстык запасы 7 477 миң $т$. Кен азырынча пайдаланылбайт.

Жер астындагы суулар ж-а дары баткактар. Кыргызстан жер астындагы сууларга бай. Алардан жер астындагы тузсуз суулардын тиричиликке пайдаланууларын мааниси чоң (к. *Жер астындагы суулар*). Респ-када дээрлик бардык типтеги минералдуу суулардын түрлөрү бар, о. эле дары баткак чыккан жерлер да көп. Алардын 18и бальнеологиялык максаттар үчүн пайдаланылып, айрымдарынын базасында жерг. ж-а союздук маанидеги курорттор иштейт.

Көмүр кычкыл суулары. Респ-канын аймагында көмүр кычкыл суу чыккан 25тен ашык булак белгилүү. Алар негизинен Фергана кырка тоосу м-н Борб. Тянь-Шанда. Суу ресурсунун дебити 100 *л/сек*га жакын, минералдануусу 1ден 40 *г/л*ге чейин. Жерг. суулардын ичинде арзаны, боржоми, дарасун, ессентуки-17, сульфаттуу парзандайлары бар. Суусун катары ичилүүчү Ак-Суу, Чатыр-Көл, Безбелчир-Арашан суулары, дарылануууга ж-а суусунга керектелүүчү Кара-Шоро суусу чалгындалып, кеңири пайдаланылууда. Кыргызстандын суусунга ж-а дарылануууга жарамдуу көмүр кычкыл суулардын көп түрү м-н О. Азия респ-каларын, Казакстанды толук бойдон жабдууга мүмкүнчүлүгү бар.

Жылуу суулар. Кыргызстандын аймагында 50дөн ашык ысык ж-а жылуу суулар бар. Алардын арасында йоддуу-бромдуу (Избаскен, Кочкор-Ата), радондуу (Жети-Өгүз, Кереге-Таш), аз минералдашкан кремнийлүү жылуу суулар (Ысык-Ата, Ак-Суу ж. б.), мүнөздүү компоненттери жок суулар — рассолдор (Соготту) кезигет. Респ-кадагы жылуу суулардын табигый ресурсу 200 *л/сек*, жалпы энергиялык кубаты 7 000 *ккал/сек*. Респ-када 10 жылуу суунун базасында курорттор м-н бальнеологиялык дарылоо мекемелери (к. *Санаторийлер жана курорттор*) иштейт.

Сульфиддүү суулар респ-канын түштүгүндө, негизинен нефть-газ кендерине жакын жерде жолугат. 1980-жылдардын башталышына чейин бул типтеги суу чыккан 10дон ашуун жер ачылган.

Дары баткактар (илээшкек-лай ж-а илээшкек-чым көндүү) негизинен Ысык-Көл аймагында, Чүй өрөөнүндө, о. эле Ош обл-нда бар. Респ-канын бальнеологиялык мекемелеринде керектелет. Дары баткактардын запасы 5 млн $м^3$ден ашуун.

Ф. Т. Каширин, У. Асаналиев, К. Осмонбетов


КЛИМАТЫ

Кыргызстандын климаттык шарты анын географиялык абалына байланыштуу. Респ-канын аймагынын көп бөлүгү мелүүн кеңдиктердеги климат алкагында, түш. райондору субтропик климат алкагында жатат. Кыргызстандын Жердин эң зор континенти — Евразиянын ортосунан орун алышы, океан м-н деңиздерден алыстыгы, чөлдөргө чектеш жатышы анын климатынын кескин континенттик ж-а кургак болушуна, жыл мезгилдеринин даана байкалышына шарт түзөт. Кыргызстандын жанаша жаткан түздүктөргө салыштырганда бийик гипсометриялык абалы тоолордо булуттун ж-а жаан-чачындын көп болушуна алып келип, температуранын жылдык ж-а суткалык өзгөрүүсүн азайтып турат. Респ-канын климатынын өтө ар түрдүү болушуна (кескин континенттиктен деңиздикке окшош климатка чейин) рельефтин ж-а Ысык-Көлдүн таасири зор.

Климаттын пайда болуу процесстерине мүнөздөмө. Климат күн радиациясынын (нурунун), жер бетинин ж-а атмосферанын жалпы циркуляциясынын өз ара аракеттенүүсүнөн түзүлөт. Жер бетине тийген күн нуру — климат пайда кылуучу негизги факторлордун бири. Анын жер бетине тийиши күндүн бийиктигине ж-а узактыгына байланыштуу. Кыргызстанда күндүн түш маалындагы бийиктиги 23—25°тан (дек.) 71—73°ка чейин (июнь) өзгөрүп турат. Күндүн узактыгы декабрда 9, июнда 15 саат. Чындыгында булут тоскондон улам, күндүн ачык тийишинин суткалык максимуму декабрда 5—6, июнда 10—12 сааттан ашпайт, ал эми күүш өрөөндөрдө, капчыгайларда колоколүү капталдарда декабрда суткасына орто эсеп м-н 3—4 саат күн тийет. Булуттун пайда болуу шарттарынын ар түрдүүлүгүнө ж-а горизонттун аны м-н жабылышына байланыштуу күн тийген мезгилдин узактыгы жыл ичинде 1700 сааттан (Чоң-Кызыл-Суунун күүш өрөөнү) 2965 саатка (Нарын д-нын жогорку бөлүгүндөгү сырт аймагында, Каракол станциясы) чейин өзгөрөт. Ысык-Көлдүн курорттук зонасында 2670—2880 саатка жетет. Күн тийген мезгилдин узактыгы б-ча Кыргызстандын түздүктөрү Ташкен ж-а Байрам-Али м-н бир катарда, О. Азиянын эң түш. райондорунан гана кийин турат. Жыл ичинде күн тийген мезгилдин узактыгы 40—70%ти түзөт. Күндүн тик ж-а чачыран тийген жалпы радиациясы 92,8 *кат/м²*ден (Фрунзе ш.) 115,2 *кат/м²*ге (Тянь-Шань физикалык-география станциясы) чейин көбөйот. Радиациянын бийиктеген сайын жогорулашы жылдын суук мезгилинде гана болот; ал эми июндан сентябрга чейин анын өлчөмүнүн айлык айырмасы анча чоң эмес. Мунун себеби, булуттун жанып тоолуу зонада (1000 *м*ден төмөн) көбүнчө жылдын суук мезгилинде, ал эми бийик тоолуу аймакта (3000 *м*ден жогору) жайында пайда болушуна байланыштуу. Жапыз тоолуу жерлерде жайында ж-а күзүндө тик, кыпында чачыран тийген нур басымдуулук кылат; бийик тоолуу зонада күндүн тик радиациясы жыл бою үстөмдүк кылып турат. Тоолордогу радиациялык режимге бийиктиктен сырткары тоо капталдарынын тиктиги ж-а экспозициясы да чоң таасир тийгизет: түн. капталдары, айрыкча тиктери жылдын бардык мезгилинде түздүктөрго ж-а түш. жак капталдарына караганда жылуулукту аз алат. Көптөгөн табигый процесстердин өөрчүшүнө күн нурунун бардыгы эмес, анын жер бети сиңирип алган бөлүгү гана таасир кылат. Кар катмары күн нурун өтө көп чагылдыргандыктан (80%ке чейин) бийик тоолордо радиация жерге аз сиңет. Мында жыл бою жалпы радиациянын 50%ке жакыны, ал эми жапыз тоолуу аймактарда 70—80% жерге сиңет. Кыргызстанда эсептелген жылдык орточо радиациялык баланс оң мааниде (Тянь-Шань станциясында 28,6 *кат/м²*, Фрунзеде 34,9 *кат/м²*), бирок Тянь-Шанда 4 ай (ноябрдан февралга чейин), Фрунзеде бир ай (дек.) терс баланста болот. Радиациялык баланстын максимуму майиюнь айларында байкалат. Өтө бийик тоо кыркаларынын аймагындагы күн радиациясы ж-дө маалымат жок.

Жер бетинин климатка тийгизген таасири. Тянь-Шань ж-а Памир-Алай тоо системалары климатты түзүүдө зор роль ойнойт: тоолор негизинен төмөнкү температуранын пайда болушуна, чектеш жаткан түздүктөргө караганда жаан-чачындын көбүрөөк жаашына, булуттун бирдей таралбашына, кардын ар кандай түшүшүнө, моцгүнүн топтолушуна шарт түзүп, атмосферанын жалпы циркуляциясынын жүрүшүнө таасирин тийгизет. Рельефтин татаалдығы ж-а бийиктик айырмасынын чоңдугу климаттын жерг. өзгөчө типтерин пайда кылат. Өзгөчө, Ысык-Көлдүн өзүнүн айланасынын ж-а жалпы эле өрөөндүн (айрыкча борб. бөлүктөрүнүн) температурасын жумшартып турушун баса белгилөөгө болот: жайкысын бул жерде кайнаган ысык болбойт, ал эми кышында көл жээгинин температурасы Кыргызстандын үшүл эле бийиктеги калган райондорунан 3—5°Сге жылуулук кылат.

Атмосферанын циркуляциясы. Кыргызстандын аймагында тропосферанын ортоңку ж-а жогорку катмарында (3 *км*ден 12 *км*ге чейинки бийиктикте) батыштан келген аба массасы басымдуулук кылат. Батыштан соккон ургаалдуу аба агымынын зонасы тропик абасын мелүүн кеңдиктердин абасынан бөлүп турган мелүүн алкактын планеталык бийик фронттук зонасы (ПБФЗ) жыл бою орун алмашып турат. Ал кышында түш. кеңдиктин 30°нан түштүгүрөөк жайгашат да, Кыргызстан мелүүн кеңдиктин аба массаларынын таасири астында болот. Сейрек булуттуу, анча катуу эмес аяздуу антициклондук аба ырайы басымдуулук кылат. ПБФЗ мериднан б-ча өзгөргөндө Иран, Афганстан аймактарынан түш. ж-а түш.-батыш аба агымдары м-н келген тропиктик аба массалары Кыргызстанга жылуулук алып келет. Тескерисинче, кээде түн. аба агымдары м-н Арктиканын алабынан ж-а Сибирден өтө муздак арктика абасы келет; жазында ПБФЗ түндүккө оошуп, Кыргызстандын үстүндө жайгашат, бул мезгилде Жер Ортолук деңиздин циклону тез-тез келип, жаанчачындуу туруксуз аба ырайын пайда кылат. ПБФЗнин мериднан б-ча өзгөрүшүнөн Кыргызстанга жазында





Түн. Муз океандан арктика аба массасы келип, кээде үшүк жүрөт. Жай айларында ПБФЗ түн. кендиктин 42—47° тарынын аралыгында жайгашып, Кыргызстанда тропиктик кургак абанын таасири басымдуу болот. Жаан-чачын негизинен бийик тоолуу райондордо жаайт (мында кубаттуу конвекция кыймылы өнүккөн ж-а кар м-н моңгүнүп бууланышынан келет). Жайдын аягында инсоляциянын азаюусунан ПБФЗ түштүккө оошуп, кайрадан Кыргызстан жайгашкан кендиктерден орун алат, арктикалык аба тез-тез келе баштап, жаан-чачын көбөйөт, шамал күчөйт. ПБФЗнин андан ары түштүккө карай которулушунан аба ырайынын кышкы режими түзүлөт.

Метеорологиялык негизги элементтер. А б а н ы н б а с ы м ы. Атмосфералык басымдын абсолюттук чоңдугу жаныз тоолуу аймактарда 950 *мб*дан бийик тоолуу жерлерде 660 *мб*га чейин (же сыман мамычасы 6-ча 710 *мм*ден 500 *мм*ге чейин) өзгөрөт. Жаныз тоолуу райондордо (Фрунзе, Ош ш-лары) эң төмөнкү басым июлда, эң жогоркусу кыш айларында байкалат; жылдык амплитудасы бир кыйла жогору — 13—15 *мб*. Орто бийиктиктеги тоолордо жогорулаган сайын (1500—2200 *м*) басым туруктуу боло баштайт, анын максимуму жаз ж-а күз айларында болот; басымдын жылдык айырмасы 6—7 *мб*га чейин азаят. Бийиктиги 3500 *м*ден жогору аймактарда басымдын минимуму янв.— февралга, максимуму авг.— сентябрга туура келет; жылдык амплитуда кайрадан жогорулап, 10—12 *мб*ды түзөт. Кыргызстандын тоолорунда атмосфералык басымдын сутка аралык өзгөрүшү анча чоң эмес (жаныз тоолордо 1,6—3,6 *мб*, бийик тоолордо 1,2—2,2 *мб*). Түздүктөрдө ал кээде 4—6 *мб*га чейин жогорулайт.

Ш а м а л р е ж и м и. Кыргызстанда шамалдын орточо ылдамдыгы 1—3 *м/сек*ны түзөт, бирок орографиянын татаалдыгы, Ысык-Көлдүн чоңдугу ж. б. табигый өзгөчөлүктөр шамалдын көп түрдүү (каптал, суткалык, моңгү, тоо-өрөөн, бриз, бора сыяктуу фён ж. б. шамал) болушуна шарт түзөт. Жаныз ж-а орто бийиктиктеги тоо тилкелеринде шамалдын багыты негизинен өрөөндүн багытына же тоо капталдарынын экспозициясына жараша болуп, түн ичинде өрөөндөр ж-а тоо капталдары м-н төмөн (тоо шамалы), күндүзү жогору карай (өрөөн шамалы) согот. Ысык-Көл өрөөнүндө тоо-өрөөн шамалын жээк тилкеде бриз күчөтүп, шамалдын өзгөчө режимин пайда кылат: күндүз аба ырайы ачык кезде шамал көлдөн аның айланасындагы тоолорго, түн ичинде тоодон көлдү карай жүрөт. Түн. Кыргызстанга келген муздак аба массалары Чүй өрөөнүнө топтолгондон кийин Ысык-Көл өрөөнүнө өтүп, анын батыш бөлүгүндө шторм шамалын пайда кылат. Батыштан соккон бул шамал (жерг. аты — улан) Ысык-Көл пароходчулугуна ж-а эл чарбасынын айрым тармактарына тоскоол кылат. Уландын ылдамдыгы 20 *м/сек*, кээде 40 *м/сек*га жетет. Ысык-Көл өрөөнүнө чыгыш тараптан муздак аба киргенде чыгыштан соккон санташ шамалы пайда болот. Кыш мезгилинде Кыргызстандын кендик багытта созулган ачык өрөөндөрүндө (Чүй, Талас, Фергана) көлөмдүү циклондор тоолуу аймактарга жакындаганда чыгыштан соккон фён шамалы пайда болот. Аның ылдамдыгы анча чоң эмес — 5—7 *м/сек*. Бирок бир нече сааттын ичинде абанын температурасы 8—12°Сге жогорулашы, ал эми салыштырма нымдуулугу 40—60% төмөндөшү мүмкүн. Бийик тоолуу өрөөндөрдө батыштан соккон шамал басымдуу.

Ж ы л у у л у к р е ж и м и. Кыргызстанда абанын жылдык орточо температурасы жаныз тоолуу аймактарда 10—13°Сден бийик тоолордо —8°Сге чейин өзгөрөт. Жердин абсолюттук бийиктигинин температурага тийгизген таасири айрыкча жылдын жылуу мезгилинде байкалат. Мис., июлда бирдей эле бийиктиктеги ар башка райондордо температуранын айырмачылыгы анча чоң эмес ж-а ал жердин географиялык кеңдигине байланыштуу. Жалпысынан Түш.-Батыш Кыргызстандын температурасы Түн. Кыргызстандыкына караганда жогору келет. Ысык-Көлдүн аның жээктериндеги абанын температурасына тийгизген таасири жай айларында анчалык байкалбайт. Кыргызстанда июлдун орточо температурасы 25—27°Сден (Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде) 4°Сге чейин (3600 *м* бийиктикте, Борб. Тянь-Шань) өзгөрөт. 6000 *м*ден жогору жайгашкан жерлерде июлдун орточо температурасы —10°Сге жакын деп болжолдоого болот. Абсолюттук максимум температурасы (43—44°С) Чүй өрөөнүнүн түндүгүндө ж-а Фергана тоо тизмегинин этектеринде байкалат. Бирдей бийиктиктеги ар башка аймактардын айлык орточо температурасынын айырмачылыгы январда 15°Сге жетет, мында рельефтин өзгөчөлүктөрүнүн таасири байкалат, ал эми кышкысын аймактын температурасына ал жайгашкан кендиктин таасири жокко эсе. Январдын орточо температурасы бардык жерлерде нөлдөн төмөн. Ысык-Көлдө ж-а Ош обл-нын жаныз тоолуу райондорунда башка жерлерге караганда бир аз жылуураак (—4°С); Чүй, Талас, Чоң-Кемин өрөөндөрүндө —5...—9°С, Чаткал, Кетмен-Төбө, Алай, Алайкуу өрөөндөрүндө —10... —20°С. Эң төмөнкү температура (—28°С) кышында бийик тоолуу Ак-Сай, Арпа, Суусамыр өрөөндөрүндө байкалат. Мындай төмөнкү температура бул аймактардын деңиз деңгээлинен бийик жатышына, кышында дайыма жатканкардын күн нурунун көпчүлүгүн чагылтып жиберишине байланыштуу; о. эле эркин атмосфераның муздак абасынын да таасири чоң. Кыргызстандын «суук уюлу» — Ак-Сай. Мында абанын эң төмөнкү температурасы (—53,6°С) катталган. Температураның вертикалдык градиенти жай айларына караганда кышында аз, ал эми төмөнкү зоналарда ал нөлдөн төмөн. Бардык райондордо абанын жыл ичиндеги эң төмөнкү температурасы январда, эң жогоркусу июлда болот. Кыргызстанда температураның жылдык орточо амплитудасы 18°Сден 40°Сге чейин өзгөрөт. Температураның жылдык амплитудасы климатологияда континенттүүлүктүн чени катары кабыл алынган. Кыргызстанда кескин континенттик климат (температураның жылдык амплитудасы 35°Сден жогору) Тогуз-Торо, Ак-Сай, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө, мелүүн континенттик климат (амплитудасы 25—35°С) жаныз тоолуу аймактарда, о. эле Арпа, Ат-Башы, Чатыр-Көл, Суусамыр өрөөндөрүндө байкалат. Кыргызстандын көпчүлүк жеринде жылдык амплитуда 22—28°Сди түзөт. Ысык-Көлдүн жээгинин, айрым ачык өрөөндөрдүн ж-а ашуулардын климаты аз континенттүүлүгү м-н (22°Сден аз) айырмаланат. Көпчүлүк райондордо температураның суткалык орточо амплитудасы жаз ж-а кыш айларында 7—11°С, сентябрда 12—23°Сге жетет. Аның эң чоң өзгөрүүсү ачык күндөрдө Суусамырда (кышында —18°С, жайында 27°С) байкалат. Суткалык орточо температураның 0°Сден (жылдын суук мезгилинен жылуу мезгилине же тескерисинче өтүүсү) ж-а 10°Сден өтүү даталары, о. эле ушул чектерден жогору температуралуу күндөрдүн санының агроклиматтык жактан мааниси өтө зор. Суткалык орточо температурасы 0°Сден жогору болгон мезгил жайыт ж-а айрым айдама дан өсүмдүктөрүнүн вегетация мезгили болуп саналат, ал бийик тоолуу аймактарда 130, жаныз тоолуу райондордо 250—310 күнгө созулат. Фергана өрөөнүндө 0°Сден жогорулоо февралдын ортосуна, Чүй ж-а Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн түн. ж-а түш. жээктеринде марттын башына, 2000—2500 *м* бийиктикте марттын аягы — апрелдин башына, 3500 *м*ден жогору майдын ортосуна туура келет. Күзүндө суткалык орточо температурасы 0°С болгон даталардын башталыш ырааты жогоруда айтылгандын тескерисинче болот. Орточо температураның 10°С аркылуу өтүү даталары жылуу жерде өскөн өсүмдүктөрдүн (жүзүм, кант кызылчасы, пахта ж. б.) вегетация мезгилинин башталышына туура келет. Бул мезгилдин узактыгы Тянь-Шандын жаныз тоолуу аймактарында 170—190 күнгө, бөксө тоолуу жерлерде 140—160 күнгө, бийик тоолуу






болугүндө 40—60 күнгө созулат. Абанын 0°С ж-а 10°Сден жогорку суткалык орточо активдүү температурасынын суммалары Түш.-Батыш Кыргызстандын жаныз тоолуу алкагында эң жогору: 3600—4500 ж-а 4000—4900°; Чүй өрөөнүндө ал суммалар 3300—3600° ж-а 3700—4000°, Талас өрөөнүндө 2500—2800° ж-а 3000—3300°, Ысык-Көлдө 2000—2300 ж-а 2500—2900°ту түзөт.

Жаан-чачындары. Кыргызстандын аймагы тегерегиндеги түздүктөрдөн бир кыйла көтөрүңкү жайгашып, рельефи өтө тилмеленгендиктен О. Азиянын калган райондоруна караганда жаан-чачындуу келет. Ири аба агымдарына тоскоол болгон кырка тоолордун батыш, түш.-батыш ж-а түн.-канталдарында жаан-чачын бир кыйла арбын жаайт. Жаан-чачын Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. канталдарына көп (жылына 1500—2000 *мм*), Чаткал кырка тоосунун түш. канталдарына (1100 *мм*), Кемин өрөөнүнө ж-а Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышына (900 *мм*ге чейин) бир кыйла түшөт. Чүй өрөөнүндө жылына 350—500 *мм*, Талас өрөөнүндө 230—320 *мм*, Ош облынын дыйканчылык зоналарындагы жаныз тоо тилкелеринде 300 *мм*ден, бөксө тоолордо 700 *мм*ге чейин жаан-чачын жаайт. Тоолуу аймактарга улам ичкерилеген сайын абанын нымдуулугу азайып, Тянь-Шандын ички райондорунда жылдык жаан-чачын орто эсеп м-н 200—400 *мм* болот. Кыргызстандагы эң кургакчыл жер — Ысык-Көлдүн батыш жээги (жылдык жаан-чачыны 100 *мм*). Кыргызстандын көчүлүк райондору жылдын суук мезгилинде (ноябрь — март) караганда жылуу мезгилинде (апр.— окт.) жаан-чачындуу келет. Мындай көрүнүш өзгөчө Ысык-Көл өрөөнүнүн батышында байкалат. Мында жаан-чачындын жылуу мезгилдеги олчому 100—120 *мм*, суук мезгилдегиси 2—15 *мм*. Ош обл-нда жаан-чачын жылдын жылуу ж-а муздак мезгилдери б-ча башкачараак: ноябрь — март айларындагы жаан-чачындын олчому жылуу мезгилдегиге караганда көптүк кылат. Анткени Ош обл-ныи аймагы жылдын жылуу мезгилинде өтө кургак тропик абасынын таасиринде болуп, кубаттуу жылуулук конвекциясы да мында жаан-чачынды пайда кыла албайт. Тоо этектериндеги аймактарда ж-а кырка тоолордун айдарым беттеринде жаан-чачындын жылдык түшүшүнө негизинен атмосфералык циркуляциянын сезондук өзгөрүүсү таасир этет. Мында жаан-чачындын эң көбү негизинен жаз айларына ж-а окт.— ноябрга, эң азы авг.— сентябрга туура келет. Тянь-Шандын бийик тоолуу жерлеринде, о. эле Ысык-Көл өрөөнүндө конвекция процессинин интенсивдүү жүрүшүнө байланыштуу жаан-чачын июнь-июлда мол жаайт. Респ-канын аймактарында жаан-чачындын жылдык ж-а айлык суммасы өтө өзгөрмөлүү. Мис., Чүй өрөөнүндө анын жылдык нормасы 400 *мм* болсо, айрым жылдары 100—150 *мм*, же 600—650 *мм* түшүү да мүмкүн. Жаан-чачындын айлык суммасы андан да өзгөрмөлүү. Мис., 1943-ж. майда жаан-чачындын айлык нормасынын 10—15%, 1960-ж. майда 200—330% түшкөн. Жаанчыл күндөрдүн саны 56дан (Рыбачье станциясында) 154 күнгө (Тянь-Шань станциясында) чейин өзгөрөт, ал эми Кыргызстандын көчүлүк аймагында 80—100 күнгө жетет. Жаан-чачындын суткалык олчонгон максимуму 90—100 *мм*ди түзөт.

Кар күн нуруи абдан көп чагылдыргандыктан анын кышкы климатка тийгизген таасири өтө зор. Ошол эле учурда ал жер кыртышын терең тоңуудан сактайт. Жазгы суулардын көлөмү демек, агын суулардын негизги режимдик өзгөчөлүктөрү кардын запасына, анын кышкысын топтолуу шарттарына ж-а жазында эришине жараша болот. Респ-канын аймагында кардын топтолушу жаан-чачындын олчомүнө ж-а суткалык орточо температурасы 0°Сден төмөн болгон мезгилдин узактыгына байланыштуу. Бул мезгилдин узактыгы жаныз тоолуу райондордо 70—90 күнгө, деңиз деңгээлинен 3000 *м* бийиктикте 190—200 күнгө созулат. Ал эми 4000 *м*ден жогору жаткан жерлерде жааган кар эрибейт. Кар Кыргыз Ала-Тоосунун, Фергана тоо тизмегинин ж. б. айрым кырка тоолордун кыр зоналарына, Алай өрөөнүнө ж-а Тянь-Шандын бийик тоолуу сыртларына эртерээк (октябрдын аягы — ноябрдын башында) түшөт; ал эми Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүнө ж-а Чаткалга ноябрдын ортосунда, деңиз деңгээлинен 1500 *м* жогору жайгашкан калган бүт аймакта ноябрдын аягында, жаныз тоолуу тилкелерде декабрдын биринчи жарымында жаайт. Кар кээде адаттагы мезгилинен бир ай эрте же кеч жаашы да ыктымал. Кар катмары туруктуу боло баштагандан кийин улам калыңдап, январдын аягы — февралдын башында ал максимумга жетет. Кар Талас өрөөнүнө жука жаайт: батышында 4 *см*, чыгышында 16 *см*ге чейин. Кардын эң жогорку орточо калыңдыгы Чүй өрөөнүнүн төмөнкү зонасында 15 *см*, орто бийик тоолордо 20—30 *см*ге жетет, бийик тоолуу аймакта 50 *см*ден калың. Кар Фергана өрөөнүн курчап жаткан тоо канталдарына өтө калың (кырына жакын тилкелерде 150 *см*ге жетет) түшөт. Ысык-Көл өрөөнүндө кардын түшүшү анын ар кайсы жеринде ар кыл: батышында кар жатпайт, борб. болүгүндө анын калыңдыгы 2—3 *см*, чыгышында 25—30 *см*ден (жээк зонасында) 60—80 *см*ге (Түп, Кыргалаң суу-



ларынын жогорку бөлүгүндө) чейин. Тянь-Шандын бийик тоолуу өрөөндөрүнө кар бирдей жаабайт. Мында кар көп жааган (35—45 *см*) тоолуу өрөөндөр (Суусамыр, Арпа, Нарын) м-н катар кар аз түшкөн өрөөндөр (Кара-Кужур, Каракол, Ак-Шыйрак) да бар. Тоо канталдарында, айрыкча батыш ж-а түн. экспозицияларында кар калың болот. Чүй ж-а Фергана өрөөндөрүнүн тамандарындагы кар февралдын акыркы он күндүгүндө, бийик тоолуу райондордун көчүлүгүндө андан бир айга кеч, ал эми мөңгүгө жакын зоналарда май айынын башында эрий баштайт. Адатта туруктуу кар катмары бузулгандан кийин ал кайрадан да пайда болот, бирок анын жатышы көпкө созулбайт. Кар жаткан мезгил жердин бийиктигине ж. б. табияттын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болуп, ал 50—215 күндү түзөт.

Булуттуулук. Булуттуулуктун режими күн нурунун түшүшүнө ж-а жер бетинин эффективдүү нурлануусуна таасир кылат. Кыргызстандын дээрлик бүт аймагында күндүн бүркөктүгүнүн эң көп кайталанышы (8—10 балл) кыштын акырында ж-а жаздын башталышында байкалат. Мындай кубулуш Кыргызстанда ошол мезгилде мелүүн кеңдиктердин планеталык бийик фронттук зонасынын болушуна байланыштуу. Тоолордо булуттун пайда болуу процессине жер бетинин тийгизген таасири негизинен төмөнкү арыстагы булут м-н өйдө тик которулгон булуттун (түрмөктөлгөн ж. б.) олчому м-н формасынын ар түрдүү болушуна алып келет. Бул булуттар жер бетиндеги радиациялык балансты өзгөрүшүнө чоң таасир тийгизет. Төмөнкү булуттуулукта бүркөк күндөрдүн өтө көп кайталанышы январда рельефтин оёң формаларында — Суусамыр, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө 30—40%ти, жаныз тоолуу аймактарда 20—27%ти түзөт. Алардын пайда болуу себеби конденсация деңгээлинин төмөндүгүнө ж-а ошол райондордо жер бетиндеги жылуулук инверсиясынын (ал жер бетинин муздактыгынан сууйт ж-а инверсиялык булуттун пайда болушуна түртүк берет) пайда болушуна байланыштуу. Тянь-Шандын бийик тоолуу аймактарында кышында күн аз бүркөлөт (4—9%). Күндүн бүркөктүгү Ысык-Көл өрөөнүндө 14—17%, түн. жээктеринде гана 30%ке жетет. Июлда түздүктөрдүн ж-а жаныз тоолуу райондордун көчүлүк бөлүгүндө бүркөктүүлүктүн кайталанышы 5—15%ти түзөт. Конденсациянын деңгээлинин жогорулашына ж-а жылуулук конвекциянын өсүшүнө байланыштуу жай мезгилинде тоолордо улам жогорулаган сайын булут көбөйө баштайт. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. канталынын кырына жакын зонасында ж-а Борб. Тянь-Шандын бийик тоолуу жерлеринде төмөнкү булуттуулукта күндүн бүркөлүшү эң көп кайталанат (35%ке чейин). Булуттуулуктун сутка ичинде өзгөрүшү даана байкалат. Күндүн бүркөлүшү жылдын суук мезгилинде эртең м-н, жайында кечкурун көп кайталанат. Түнкүсүн аба ырайы көбүнчө ачык болот.

Метеорологиялык айрым кубулуштар. Кыргызстанда тумандуу мезгил жылына жаныз тоолуу райондордо 20—30 күнгө, бийик тоолуу аймактарда 40—45 күнгө созулат. Туман жылдын кыш айларында гана байкалат. Бурганак Кыргызстандын түздүктүү жерлеринин көчүлүгүндө ж-а тоолуу өрөөндөрүндө сейрек (жылына 2—3 жолу) болот. Чаткал, Алай, Кум-Төр өрөөндөрүндө гана жылына 18—20 күнгө жетет. Бурганак ашууларда ж-а тоолордун ачык канталдарында көп кайталанат (жылына): Кыргыз Ала-Тоосунун кырына жакын 30—60 күн, Түркстан кырка тоосунда 15—25 күн, Убайылда кырка тоосу м-н Талас Ала-Тоолорунда 25—30 күн. Кардуу бурганак көбүнчө кышында болот, ал эми бийик тоолуу аймактарда жайында да болушу мүмкүн. Кыргызстанда чагылгандуу жаан да тез-тез болуп турат. Ал өзгөчө Чаткал, Ат-Ойнок, Талас Ала-Тоолору түзгөн тоо түйүнүнө жакын ж-а Ысык-Көл, Кочкор, Ат-Башы, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө көп (жылына 40—55 күнгө жакын) кайталанат. Чагылгандуу жаан Ак-Сай, Кара-Кужур өрөөндө-

рүндө ж-а Долоп ашуусунда көп (30—45 күн) болот. Ал Кыргызстандын түштүгүндө чанда (жылына 10—20 күн) байкалат. Чагылгандуу жаан көбүнчө июнь—июль айларына туура келет. Кыргызстандын аймагында мөндүр көп түшпейт. Реси-канын көпчүлүк райондорунда мөндүр түшкөн мезгил жылына 1—6 күнгө, ал эми Кызыл-Суунун өрөөнү м-н Долоп ашуусунда гана 18—20 күнгө жетет. Мөндүр көбүнчө июнь айында түшөт.

Г. Х. Яр-Мухамедов

МӨҢГҮЛӨРҮ

Кыргызстандын табигый байлыктарынан мөңгүдөгү тузсуз таза суу маанилүү орунду ээлейт. Анын запасы 650 млрд $м^3$. Бул көрсөткүч б-ча СССРде Кыргызстанга Тажик ССРинин Тоолуу Бадакшан автономия областы гана теңдеше алат. Мөңгү суулары кайрадан калыбына келип туруучу байлыктардын түрүнө кирет: жайында эрип, агып кеткен мөңгү суусунун ордун жыл бою жааган кар толуктап турат. Мөңгү суулары аз минералдуулугу м-н айырмаланып, сугатка ж-а калкты суу м-н камсыз кылууда кеңири пайдаланылат. Кыргызстанда 1980-жылга чейин аянты 0,1 $км^2$ден чоң болгон 6 582 мөңгү катталган. Алардын жалпы аянты 8 047,8 $км^2$ди түзөт.

Кыргызстандагы ири мөңгүлөр

Мөңгүнүн аты	Жайгашкан орду	Узундугу, км	Аянты, $км^2$
Түш. Эңилчек	Кан-Теңир тоо тоому	58,9	613,2
Түн. Эңилчек	—»— —»—	34,8	202,9
Кайынды	—»— —»—	25,8	107,5
Мушкетов	—»— —»—	20,5	75,0
Семёнов	Сары-Жаз кырка тоосунун түн. капталы	21,5	74,6
Корженевский	Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталы	19,5	89,1
Петров	Ак-Шыйрак тоо массивинин батыш капталы	14,0	70,6
Орто-Таш (Мушкетов)	Какшаал кырка тоосу	13,3	23,0
Арча-Башы	Алай кырка тоосу, Сохтун алабы	12,2	—
Ай-Талаа (Наливкин)	Какшаал кырка тоосу	13,2	19,5
Түн. Кара-Сай	Ак-Шыйрак тоо массиви	12,2	49,2
Шуровский	Түркстан кырка тоосунун түн. капталы	11,6	21,4
Ак-Сай (Комаров)	Какшаал кырка тоосунун түн. капталы	10,7	29,3
Абрамов	Алай кырка тоосунун түш. капталы	9,0	32,4


Мөңгүнүн көбү (3 050) Сыр-Дариянын алабында жайгашкан. Бул дариянын куралуу аймагы негизинен Кыргызстандын чегинде жатат. Мында өрөөт тибиндеги зор мөңгүлөр жокко эсе (алардын орточо өлчөмү 0,8 $км^2$). Мөңгүлөрдүн эң чоң аянты Сары-Жаз д-нын алабында, анын 24%ин муз м-н фирн (бүртүктүү муз) ээлейт. Мында Эңилчек, Кайынды, Мушкетов, Семёнов ж. б. ири мөңгүлөр жайгашкан. Сары-Жаздын алабындагы мөңгүлөрдүн орточо өлчөмү 2 $км^2$ден ашыгыраак.

Мөңгүлөр Кыргызстандын аймагынын 4,2%ин ээлейт. Алар тоолордун бийик бөлүгүндө — токой ж-а альп шалбаасы тилкелеринен жогору орун алган. Зор мөңгүлөрдүн айрымдары, о. эле четки кырка тоолордун айдарым капталдарындагы мөңгүлөр гана 2 850—2 900 *м* бийикке чейин төмөндөп, токой тилкесинин жогорку чегине жакындайт. Четки кырка тоолордо өрөөн мөңгүлөрүнүн этеги 3 000—3 200 *м*, Ички Тянь-Шандын сырттарында 3 800—4 200 *м* бийикке чейин ылдыйлайт. Ал эми Кыргызстандын түш.-чыгышында, Ак-Сай өрөөнүндө ири мөңгүлөр 3 900 *м*ден төмөндөбөйт. Муз каптоонун өлчөмү табигый көптөгөн факторлорго — негизинен тоолордун бийиктигине, дайыма согуп туруучу шамалга карата жайгашуу абалына ж-а атмосфералык жаан-чачынга (озгочо кышкы) байланыштуу. Мис., Фергана тоо тизмегинин батыш капталынын айрым жерлерине 2 000 *мм*ден ашык жаан-чачын түшөт. Бирок мында тоолор жапыз (4 000 *м*ден төмөн) болгондуктан мөңгү чанда кездешет. Алай, Кыргыз, Талас Ала-Тоолорунда жаан-чачын (1 000 *мм*ге чейин) бир кыйла арбын жаайт. Мында тоолор өтө тилмеленгендиктен муздун ири түйүндөрү түзүлгөн эмес, мөңгүлөр тоо капталдарында, колоколүү өрөөндөрдө гана таралган. Рельефи кыйла начар тилмеленген бийик тоолуу райондордо жаан-чачын аз түшсө да муз чордондору кездешет, мис., Ак-Шыйрак кырка тоосунда. Сары-Жаз д-нын алабында тоолор өтө бийик келип, жаан-чачын көп жаайт да, терең өрөөндөрдү ээлеген татаал ж-а дендрит тибиндеги ири мөңгүлөр жатат. Реси-канын аймагында мөңгү бир кылка тараган эмес. Айрым бийик тоо массивдеринде муздун ж-а фирндин зор запасы топтолгон ири өрөөн мөңгүлөрүнүн туташ түйүндөрү бар. Буларга Кан-Теңир тоо тоому, Какшаал, Чоң-Алай, Ак-Шыйрак кырка тоолору кирет. Башка райондордо мөңгүлөр кырка тоолордун ж-а алардын тармактарынын кырын жээктеп, негизги дарыянын же анын куймаларынын башталышында топ-топ болуп жайгашып, 2—3 өрөөн, бир нече төр ж-а асылма мөңгүлөрдөн турат. Бир гана дарыя өрөөнүндө мөңгүнүн саны кээде 40—50гө жетет. Муну, айрыкча, Тескей, Кыргыз Ала-Тоолорунан байкоого болот. Мөңгүлөрдү жаан-чачын алып келүүчү батыш аба массаларына карата жайгашуусу б-ча 2 негизги топко — узунунан ж-а туурасынан жайгашкан өрөөндөрдөгү мөңгүлөргө бөлүүгө болот. Тоолордун бирдей шарттагы батыш ж-а түн.-батыш капталдарындагы экспозицияларында чыгыш ж-а түш.-чыгыш беттерине караганда мөңгү арбыныраак.


Тянь-Шанда тоо мөңгүлөрүнүн бардык формалары — өрөөн, төр, асылма, төр-өрөөн, татаал-өрөөн (бир нече өрөөн, төр ж-а асылма мөңгүлөрдөн турган), о. эле башка тоо системаларда сейрек кездешүү жалпак чоку мөңгүлөрү бар. Мөңгүлүү аймактардын сыртқы көрүнүшү көбүнчө бийикте жайгашкан төр ж-а асылма мөңгүлөргө, кырдуу чокуларга окшош көрүнөт, чындыгында муздун негизгі массасы мында эмес, тоо аралык терең өрөөндөрдүн, капчыгайлардын таманында жатат.

Адыр-Төр өрөөнүндөгү мөңгүлөр.






1




2



3



4



5

Табияты. 1. Ак-Суу өрөөнү. 2. Суусамыр өрөөнү. 3. Кара-Шоро. 4. Шамшы капчыгайы. 5. Элик.



Өсүмдүктөр дүйнөсү. 1. Бөрү карагат; 2. Кыргыз ак кылканы; 3. Грек жаңгагы; 3а. Мөмөсү; 4. Мамыр чөп; 5. Кадимки көк чай чөп; 5а. Гүлү; 6. Шренк карагайы; 6а. Тобурчагы; 7. Жылгын; 8. Чырганак.

Кыргызстандагы мөңгүлөрдүн ири суу алаптары б-ча таралышы


Дарыя алаптары	Аянты 0,1 км² ден ашкан мөңгүлөрдүн саны	Муз каптоонун аянты, км²
1. Сыр-Дарыянын алабы		
а) Нарындын алабы.		
Нарындын жогорку болүгү	563	612,1
Кичи-Нарын	422	341,8
Кичи-Нарындын чатынан Көкомеренди чатына чейин	29	10,7
Ат-Башынын алабы	253	112,2
Ат-Башыдан Кара-Сууга (Нарындын сол куймалары) чейин	200	137,3
Көкомеренди алабы	214	98,5
Көкомеренден Кара-Сууга (Нарындын оң куймасы) чейин	102	30,5
б) Сыр-Дарыянын Фергана болүгүндөгү алабы		
Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы суулардын алабы	116	99,7
Алай ж-а Түркстан тоо кыркаларындагы суулардын алабы	1024	872,2
Фергана ороонун түндүктөн курчаган тоолордон башталган суулар	8	2,0
в) Чаткалдын алабы		
Чаткалдын алабы	119	51,0
2. Чүйдүн алабы		
Чүйдүн башталышынан Орто-Токой суу сактагычына чейин	204	103,6
Чоң-Кеминдин алабы	132	148,0
Кичи-Кеминдин алабы	3	1,8
Кыргыз Ала-Тоосундагы суулардын алабы	451	469,5
Таластын алабы	162	117,3
Ассанын алабы	48	42,0
3. Ысык-Көлдүн алабы		
Тескей Ала-Тоодогу суулардын алабы	481	496,7
Күнгөй Ала-Тоодогу суулардын алабы	150	139,7
4. Аму-Дарыянын алабы		
Кызыл-Суунун (Батыш) алабы (Алай ороону)	158	677,7
5. Чатыр-Көлдүн алабы		
Чатыр-Көлдүн алабы	3	2,8
6. Таримдин алабы		
а) Сары-Жаздын алабы.		
Сары-Жаздын башталышынан Көлүгө чейинки алабы	212	366,2
Көлүнүн алабы	150	216,2
Сары-Жаздын оң куймаларынын Үч-Көлгө чейинки алабы	52	17,2
Үч-Көлдүн алабы	192	342,3
Ак-Шыйрактын алабы	243	406,6
Эңилчектин алабы	255	943,1
Кайындынын алабы	92	149,1
Сары-Жаздын Кайындынын чатынан төмөнкү сол куймалары	70	107,0
Сары-Жаздын Ак-Шыйрактын чатынан төмөнкү оң куймалары	66	60,0
б) Какшаалдын алабы		
Какшаалдын алабы (Ак-Сай — Мурдурум)	138	281,2
Үзөңгү-Кууштун алабы	234	393,7
в) Кызыл-Суунун алабы		
Кызыл-Суунун (Чыгыш) алабы	36	197,8
Кыргызстандын бардык мөңгүлөрү	6582	8047,8



Ак-Шыйрак кырка тоосунун түш.-батыш капталындагы Сары-Төр мөңгүсү.

Андагы мөңгүлөр жааган кардан, о. эле тоо боорунан бороон учуруп келген кардан ж-а кар көчкүдөн да толукталат. Чындыгында мындай мөңгүлөрдүн куралуу областтарына мөңгү жайгашкан аймакка караганда кар алда канча арбыныраак топтолот. Мөңгүнүн башкы корсөткүчү болуп куралуу аймагынын чеги (кар чеги) саналат. Кар чеги кышында кар көп жааган четки кырка тоолордогу мөңгүлөрдө төмөн (3200—3400 *м* бийикте) жатат. Бул кырка тоолордо кышында кар арбын түшүп, жаан-чачын көп жаачу зона Тянь-Шандын борб. бөлүгүнө караганда төмөн жайгашат. Ички кырка тоолордо кар чеги 4400—4600 *м* бийикке чейин жогорулайт. Кыргызстандын тоолорунда кар чегинин түш.-батыштан түш.-чыгышты карай жалпы жогорулоо закон ченеми байкалат. Гидротерм шарттарынын өзгөрүүсүнө жараша булар ар башка жылда түрдүү абалда болушат. Мис., Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы (Чоң Кызыл-Суунун алабындагы) Кара-Баткак мөңгүсүндө 1956—66-жылдарда кар чеги 3610 *м*ден 3840 *м*ге чейин өзгөргөн.

Мөңгүлөрдүн көлөмүнө, куралуу режимине, алган ордунун жантайыңкылыгына ж. б. өзгөчөлүктөрүнө жараша муздун ордунан жылышуу ылдамдыгы кескин өзгөрүп турат. Кыргызстандагы эң чоң мөңгү — Эңилчектин кыймылынын жылдык орт. ылдамдыгы 200—250 *м*ге жетет; ылдамдыгы Мерцбахер көлүнөн төмөн жагы бир аз басаңдайт. Узундугу 2,5—3 *км* келген анча чоң эмес мөңгүлөрдүн жылышуу кыймылынын жылдык орт. ылдамдыгы активдүү аракеттеги абляция областынын ортоңку болүгүндө 10—12 *м*ди, төмөнкү болүгүндө 4—5 *м*ди түзөт. Сырттагы мөңгүлөрдүн жылдык орт. ылдамдыгы 1 *м*. Бургулоонун ж-а геофизикалык ыкмалардын жардамы м-н айрым мөңгүлөрдүн калыңдыгы аныкталган. Өрөөн мөңгүлөрүнүн калыңдыгы этектеринде (мөңгүнүн «тилинде») 20—30 *м*, ортоңку болүгүнүкү 50—60 *м*; оң калың жерлери (100—120 *м*) мөңгүлөрдүн куралуу аймагынын чегине жакын жатып, жогорулаган сайын жукара баштайт. Жайында Кыргызстандагы мөңгүлөрдө күн нурунун ж-а абадагы жылуулук алмашуу процессинен пайда болгон жылуулуктун таасиринен муздун 200 *см* ж-а андан да калың катмары эриши ыктымал. Муздун эрүү интенсивдүүлүгү метеорологиялык шарттарга байланыштуу ар башка жылдарда ар түрдүү болот. Мис., Кара-Баткак мөңгүсүндө 1957-ж. жай ичинде калыңдыгы 82 *см*, ал эми 1959-ж. 214 *см*



Түюк-Суу мөңгүсү.



Семёнов мөңгүсү.

келген муз катмары эриген. Мөңгүнүн үстүнөн ж-а анын куралуу аймагынан эриген суу айрым дарыялардын жылдык агымынын 30—35%ин түзөт. Мөңгүлөр ж-а сезондук кар жай айларында бийик тоолуу аймактардагы дарыл сууларынын негизги бөлүгүн (60—80%ин) түзүп, сугатчылыкта мааниси чоң; а. ч. өсүмдүктөрүнүн вегетацияланышына жакшы шарт түзөт. Азыркы маалыматтар 6-ча Тянь-Шань мөңгүлөрүнүн калыңдоосун ж-а жукаруусун бир тараптуу аныктоого болбойт. 20-к-га чейин мындай маалыматтар эпизоддук мүнөздө болгон. 20-к-дын башталышында Кыргызстандын көп мөңгүсү кенейүү стадиясында же бир калыпта болгон. 20-жылдарда кенейүү фазасы чегинүү м-н алмашкан. Алардын айрымдары 70-жылдарга чейинки бир нече ондогон жылдар ичинде кылымдын башталышына салыштырганда 800—1000 *м*ге чейин чегинген. Узак убакыт бою байкоо жүргүзүлүп келе жаткан Кара-Баткак мөңгүсү кийинки 30 жылдын ичинде жылына 5—6 *м*ге чегинген. Бир катар мөңгүлөрдүн көлөмү өзгөргөн эмес, ага Тянь-Шандагы эң ири мөңгү — Энилчек мисал боло алат. Айрым мөңгүлөр ылдыйлап, чоюлууда. Көбүнчө алардын кыймылы катастрофалык мүнөздө болот. 1956—57-ж. Сары-Жаз д-нын башталышындагы Мушкетов мөңгүсү 2,5 *км*ге төмөн жылып, 70-жылдарда кайрадан чегине баштаган. Кескин жылышуу Кайыңды, Түп. Кара-Сай, Боорду, Чомой, Ак-Суу, Абрамов, Ленин атн. ж. б. мөңгүлөргө мүнөздүү. Мөңгүлөрдүн мындай жылышуу тиби негизинен андагы өнүгүү процессине байланыштуу пайда болушу азырынча толук аныктала элек.

Р. Ж. Забиров

СУУЛАРЫ

Гидрографиялык жалпы мүнөздөмөсү. Континенттик ж-а кургак климаттуу О. Азиянын жалпы шартында Кыргызстандагы агын суулардын ж-а суу тармактарынын пайда болушуна атмосфералык нымды топтоочу табигый аймак катары Тянь-Шань ж-а Гиссар-Алай тоо системаларынын таасири зор. Атмосфералык жаан-чачындын ж-а суулардын аймак б-ча таралышы нымдуу аба массаларынын ал аймактын айрым бөлүктөрүнө жетишине ж-а бийиктик алкактуулук закон ченемине байланыштуу.

Суу балансынын багытына ж-а агын суулардын генезисине жараша респ-канын аймагын гидрологиялык 2 областка — агын суулардын куралуу ж-а таралуу областтарына бөлүүгө болот. Агын суулардын куралуу областына суунун оң балансы мүнөздүү болгон ж-а ал баланска антропогендик факторлор анча таасир этпеген кырка тоолор м-н тоо капталдары кирет. Мында суу киреше чыгымга караганда көбүрөөк болуп, агын суунун пайда болушуна шарт түзүлөт. Агымдын куралуу областындагы агын суулар тик капталдар м-н өтө шар агын, жог. потенциалдуу энергияга ээ болот. Дарыялардын жогорку (сырттардагы ж-а бийик тоолуу өрөөндөрдөгү дарыялардан башкасы) агымдарында нуктун эңкейиштиги 100‰ ж-а андан да жогору болсо, тоодон чыга бериште ал 10‰ге чейин ж-а андан да азаят. Суу агымынын таралуу областы куралуу областынан төмөн жайгашып, тоо этектерин, шлейфтерди ж-а түздүктөрдү ээлейт. Тоолуу аймакка караганда мында жаан-чачын азыраак жаан, буулануу көбүрөөк жүрөт. Ошондуктан жерг. агын суулар азыраак пайда болот. Андан сырткары тоодон агып түшкөн транзит суулардын көпчүлүгү бул аймактагы шиленди конустарга сиңип кетет, о. эле сугатка таралат. Тоо этектеринде шлейфтер тоо аралык өрөөндөрдөгү жер астындагы суулардын негизги булагы болуп саналат. Тоо этектеринде жайгашкан түздүктөрдөгү жер астындагы суулардын «жер бетине сарыгын чыгуу» зонасында кыртыш суулары жер бетине жакындайт; катмар аралык сууларда көбүнчө басым пайда болот. Натыйжада бул зонада суу алмашуунун тескери процесси жүрүп, дарыялар кыртыш суулар м-н толукталат. Мындай жерлерде көбүнчө «кара суулар», б. а. кыртыш суулары нан куралган өзөндөр пайда болот (мис., Чүй өрөөнүндөгү Кызыл-Суу). Дарыялар тоодон агып түшкөндөн кийин эңкейиштиги 3—1‰ге чейин азайып, жай агат, энергиясын жоготуп, агызып келген шилендилерин туна баштайт. Борпоң тектүү жайылмаларында нугун которуштуруп агат. Дарыялардын куралуу областы жайгашкан тоолуу аймак 171,8 миң *км*²ди же Кыргызстандын аймагынын 87%ин, таралуу областы 26,7 миң *км*²ди же респ-канын аймагынын 13%ин ээлейт. Бирок, ири дарыялардын таралуу аймагынын негизги массивдери Кыргызстандын чегинен сырткары — Өзбек, Казак ж-а Тажик союздаш респ-каларынын, о. эле Кытай Эл Респ-касынын аймагында жайгашкан.

Дарыялары. Кыргызстандын аймагынын жарымынан көбү (55,3%) Сыр-Дарыянын алабына кирет; буга Нарын д-нын алабы, Фергана өрөөнүнө аккан дарыялардын куралуу аймактары, Чаткалдын алабы таандык. Аму-Дарыянын алабына респ-канын түш.-батышы (3,9%) м-н аккан Кызыл-Суу (Батыш) гана тиешелүү. Чүй, Талас д-ларынын ж-а Ысык-Көлдүн алаптары

Сары-Жаз д-нын ортоңку агымы.





Тоо суусу.

респ-канын (27,6%) түндүгүндө эң чоң туюк гидрографиялык системаны түзөт. Алардын алаптары агын суулар м-н өз ара байланышпагандыктан ар бири өзүнчө ири алап катары бөлүнөт. Ушундай эле Нарын м-н Тарим д-ларынын суу бөлгүчүндө жайгашкан Чатыр-Көл да өз алдынча чаканыраак алапты түзөт. Респ-канын аймагынын түш.-чыгыш бөлүгү (12,9%) Батыш Кытайдын суу артериясы — Таримдин негизги куймаларынын куралуу областы болуп саналат. Балкаш көлүнүн гидрографиялык системасына респ-канын чыгышындагы Каркыра д-нын алабына (Иле д-нын алабы) тиешелүү бир аз аймак (0,3%) кирет.


Кыргызстандын башкы суу артериясы Нарын (Сыр-Дарыянын оң түзүүчүсү) Чоң ж-а Кичи Нарын д-ларынын кошулушунан пайда болот. Нарын д-нын Кыргызстандын аймагындагы узундугу 535 *км*, суу чогултуучу аянты 53,7 миң *км*² (респ-канын аянтынын 27%). Суусунун орт. чыгымы жог. агымында 90 *м*³/*сек*, чатында 429 *м*³/*сек*. Ат-Башы, Алабуга, Көкөмерен сыяктуу көпүндөгү Нарын дарыяларынын негизги гидрографиялык мүнөздөмөсү

Дарыялардын аттары	Кайда куят	Узундугу, *км*	Орточо жантаюусу, ‰	Суу жыйнаган аянты, *км*²	Орточо чыгымы, *м*³/*сек*
Нарын	Сыр-Дарыя*	535	3	53742	429
Кара-Дарыя	—»—	80	10	24040	122
Чаткал	Чырчык д.	205	13	5700	86
Кызыл-Суу (Батыш)	Вахш д. (Сурхоб)*	210	7	7774	65
Чүй	кумга сиңип кетет*	221	5	15900	71
Талас	—»—	102	14	8258	33
Түп	Ысык-Көл	120	19	(1180)	19
Жыргалаң	—»—	97	19	(2070)	22
Сары-Жаз	Ак-Суу д.*	198	10	11400	(140)
Ак-Сай	Какшаал д.*	124	9	7220	(35)
Чоң-Үзөңгү-Куш	—»—	54	11	2795	(34)

* Дарыянын куйган жери Кыргызстандын аймагынан тышкары жайгашкан. Кашаанын ичиндеги маалыматтар болжол м-н алынды.


төгөн ири куймалары кошулгандан кийин Нарын Фергана тоо тизмегин кесип өтүп, Ички Тянь-Шандан Фергана өрөөнүнө чыгат. Респ-канын чегинен чыккандан кийин Кара-Дарыя м-н кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Кара-Дарыяга Кыргызстандын аймагында Кара-Кулжа, Тар, Жазы, Көгарт, Тентек-Сай, Куршаб, Ак-Буура ж. б. ири суулар куят. Сыр-Дарыянын алабына, о. эле Фергана өрөөнүн курчаган тоолордон агып түшкөн суулар да тиешелүү. Алардын эң ирилери: Чаткал кырка тоосунун түш. капталынан башталган Пача-Ата, Касан-Сай, Гавасай суулары, Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарынан башталган Араван-Сай, Исфайрам-Сай, Шаймерден, Сох, Исфара, Кожо-Бакырган суулары. Кыргызстандын түн.-батышынан Чаткал д. агат, анын узундугу 205 *км*, орточо чыгымы 86 *м*³/*сек*.

Түн. Кыргызстандын көчүлүк бөлүгүн Чүй д-нын алабы ээлейт, анын респ-канын аймагындагы узундугу 221 *км*; Кочкор өрөөнүндө Кочкор ж-а Жоон-Арык суулары кошулушунан пайда болот. Боом капчыгайынан чыга бериште негизги оң куймасы — Чоң-Кемин кошулат да түн.-батышты карай агат. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталган бир топ суулар куят. Чоң-Кемин кошулгандан кийинки Чүй д-нын чыгымы 53 *м*³/*сек*, ал эми респ-канын аймагынан чыга бериште 71 *м*³/*сек*. Андан ары Чүй д. Моюн-Кум чөлүндө кумга сиңип кетет. Түн.-батышта (Чүйдүн алабына жакын) Каракол ж-а Уч-Кошой сууларынын биригишинен пайда болгон Талас д-нын алабы жайгашкан. Талас д-нын респ-канын аймагындагы узундугу 102 *км*, ири куймалары (Калба, Беш-Таш, Үрмарал, Кумүштак, Кара-Буура) Талас Ала-Тоосунун түн. капталынан башталат.



Чүй д-нын Боом капчыгайындагы бөлүгү.

Эң ири оң куймалары: Кецкол, Ныпды. Талас д-нын жог. агымындагы орт. чыгымы 15 *м*³/*сек*, Киров суу сактагычында 33 *м*³/*сек*. Андан ары Таластын суусу сугатка таралып, калганы кумга сиңип кетет. Кыргызстандын түн.-чыгышын Ысык-Көлдүн туюк алабы ээлейт. Көлгө 80ден ашык суу куят, алар өрөөндү курчаган Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолордун капталдарынан башталат. Ири куймалары — Жыргалаң (22 *м*³/*сек*) м-н Түп (10 *м*³/*сек*) өрөөндүн жаан-чачын арбын жааган чыгым болгүнөн башталат. Калган сууларынын жылдык орточо чыгымы 5—7 *м*³/*сек*дан ашпайт. Көл алабындагы агын суулардын негизги таралуу зонасы Ысык-Көл болуп саналат. Аму-Дарыянын алабына кирген Кызыл-Суу (Батыш) Алай өрөөнү аркылуу агат. Ал Тажикстандын аймагында Муксуу м-н кошулуп, Сурхоб аталат. Кызыл-Суунун жылдык орточо чыгымы респ-канын чегинен чыга бе-



Кокомерен. Жумгалдын чатынан өйдөроок болугу.

риште 65 $м^3/сек$дай. Тарим д-нын гидрографиялык системасына Кыргызстандын Кытай м-н чектеш түш.-чыгыш болугу кирет. Мындан Ак-Сай, Чоң-Үзөнгү-Кууш, Сары-Жаз д-ларынан башталат да Какшаал кырка тоосун кесип, Кытайдын аймагына өтөт. Таримдин системасына о. эле Кызыл-Суунун (Жаркент) башталышы болгон Кок-Суу да тиешелүү. Бул дарыялардын эң ириси — Сары-Жаз; ал Кан-Теңир тоо массивиндеги кар-мөңгүдөн башталып, жылдык орточо чыгымы мамл. чек арада 140 $м^3/сек$ны түзөт. Ал эми Иле д-нын алабына респ-канын чыгышындагы Каркыра суусунун алабынын жарымы (572 $км^2$) кирет, анын жылдык орточо чыгымы 12 $м^3/сек$.

Кыргызстандын дарыялары негизинен кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Айрым дарыялардын 80%ке чейинки агымын кар ж-а мөңгү суулары түзөт. Кээ бир дарыялардын жалпы агымынын 25тен 50%ке чейинкисин, ал эми суу агымынын таралуу аймагында жаралган суулардын («кара суу») 90%тен ашыгыраагын жер астынан чыккан суулар берет. Жамгыр суулары жалпы

Суу агымы (агымдын куралуу аймагы)

Негизги дарыя алаптарынын аттары	Суу жыйноочу аянты, $км^2$	Жылдык орточо агымы		
		суунун чыгымы, $м^3/сек$	агымдын модулу, $л/сек$	агымдын көлөмү, $км^3$
Сыр-Дарыянын алабы . .	102 502	905,7	8,9	28,53
Аму-Дарыянын алабы . .	7 774	65,0	8,4	2,06
Чүй, Талас алаптары . . .	24 159	164,8	6,8	5,19
Ысык-Көлдүн алабы . . .	11 233	118,2	10,5	3,72
Таримдин алабы	25 550	224,7	8,8	7,07
Балкаш көлүнүн алабы .	572	6,5	11,3	0,21
Бардыгы: . . .	171 790	1485,0	8,6	46,78


агымдын 2—18%ин гана түзөт. Кар-жамгырдан куралган суулар майда ж-а сейрек кездешет. Тоолуу аймакта куралган дарыялардын көп жылдык орточо агымы 46,8 $км^3$, анын 50%кө жакыны деңиз деңгээлинен 3 300 $м$ден жогору жайгашкан бийик тоолуу зонада пайда болот. Кыргызстандын аймагындагы суулардын дайыма толукталып туруучу ресурстарынын жылдык орточо өлчөмү 47,3 $км^3$дей экендиги аныкталган. Буга «кара суунун» ресурсу ж-а агын суулардын таралуу областында жер бетиндеги ж-а жер астындагы суулардын оз ара аракетинен пайда болгон, б. а. экинчи жолу жаралган суулар кирбейт. Тоо сууларынын жылдык агымынын көп жылдык өзгөрүшү негизинен мөңгү-кар сууларынан аралаш куралгандыктан анча көп байкалбайт. Мис., Нарын д-нда суу эң аз болгон жылы орточо деңгээлде болгон жылдагыдан 26%кө гана айырмаланат. Кар-жамгыр ж-а кар суусунан куралган дарыялардын суусу гана жыл ичинде көбүрөөк өзгөрөт. Кургакчыл жылдары жылдык агым орточо агымдан 50%кө же андан да көбүрөөк азаят. Кургакчыл мезгилдер көпчүлүк учурда 3—5 жылга созулуп, суунун абдан азаюшу байкалат. Кыртыш сууларынан куралган «кара суулардын» көп жылдык агымы анча өзгөрбөйт.

Дарыялардын көбү жайында узак убакытка кирип, күзүндө тартыла баштайт. Суунун кирүү узактыгы суу жыйноочу зонанын ар кандай бийиктигинде жаткан кар, мөңгүлөрдүн бир мезгилде эрибегендигине байланыштуу. Кар ж-а кар-жамгыр сууларынан куралган агын суулар жазында гана кирип, жай мезгилинен тартыла баштайт. Дарыя гидрографынын айрым фазасынын ар кандай болгондугунан суунун кирүү мезгилинин орточо чегин шарттуу түрдө апрелден октябрга чейин, ал эми тартылуу мезгилинин орточо чегин октябрдан апрелге чейин алууга болот. Суу кирген мезгилде дарыялардын жылдык агымынын 75—90% агын өтөт; анын үстүнө, суу жыйналуучу аймагы салыштырмалуу төмөн жайгашкан дарыялардын суусу апр.—июнь айларындагы мезгил-мезгили м-н жааган кардан

Кыргызстандагы агын суулардын куралуу аймагынын гидрографиялык (1) ж-а гипсометриялык (2) ийри сызыктары.

да кескин көбейет. Суу жыйналуучу аймагы бийик жайгашкан, алабында мөңгүлөрү бар дарыялардын суусу жай мезгилинде (июль — авг.) ташкындайт. Дарыялар тоо этектериндеги түздүктөргө чыкканда чарбачылыкта кеңири пайдаланылгандыктан режими көбүнчө өзгөрүп кетет.

Дарыялардын эң чоң чыгымы кар, мөңгүлөрдүн интенсивдүү эриген ж-а жаан-чачын мол жаган мезгилдерге туура келет. Суунун байкалган эң чоң чыгымынын модулдары 1 $км^2$де 300—400 $л/сек$га, ал эми эриген ж-а жамгыр суулары бириккенде 1 $км^2$де 800 $л/сек$га жетет. Гидрометеорологиялык ж-а геологияморфологиялык айрым факторлордун өз ара аракетинен ж-а кирген суудан сел жүрүп, кээде кыйраткыч күчкө ээ болот. Респ-канын аймагында Фергана өрөөнүнүн ж-а Ысык-Көлдүн дарыяларында сел көп жүрөт. Кышында агын сууларда шыргалаң муздар пайда болот. Таштуу ж-а босоголуу пуктар м-н шар аккан сууларда негизинен муз тоңбойт. Тоо дарыяларында ызгаардуу



Абшыр-Сай шаркыратмасы.


кыш мезгилинде 2—4 ай бою муздун ордуна шыргалаң пайда болуп, кээде үйөр жүрөт. Тоодон агып түшкөн суулар пуктарындагы тоо тектерди жемирип, шилендилерди тоо этектерине агызып келет. Дарыя сууларынын жылдык орточо ылайлуулугу 10 $г/см^3$ден 2 000 $г/см^3$ге чейин. Адам баласынын чарбалык таасири аз тийген тоолуу аймактардагы суулар ичүүгө толук жарамдуу ж-а эл чарбасында кеңири пайдалануугa болот. Суунун жалпы минералдуулугу 300—500 $мг/л$ди түзүп, составында гидрокарбонат же гидрокарбонат кальций болот.

Сууларды пайдалануу. Кыргызстандын суулары эл чарбасында маанилүү орунду ээлейт. Алар сугатка кеңири пайдаланылат; агымдын 16% гана респканын аймагындагы (сугат жерлер 1 млн $га$ чамасында) ирригациялык тармактарга бөлүнүп, калганын башка респ-калар керектешет. Сугат жерлерди суу м-н текшп камсыз кылуу максатында 34 суу сактагыч курулган. Алардын эң ириле рп: Токтогул (Нарын д-нын суусун көп жылдар бою жөнгө салуу максатында, сыйымдуулугу 19,5 млрд $м^3$), Орто-Токой (Чүй д-нда, 470 млн $м^3$), Киров (Талас д-нда, 550 млн $м^3$), Төмөнкү Ала-Арча (Ала-Арча суусунда, 39 млн $м^3$), Базар-Коргон (Кара-Үңкүр суусунда, 30 млн $м^3$) ж. б. Респ-канын суу чарбасынын негизги компоненти болуп суу энергетикасы саналат. Суу энергиясынын потенциалдык запасы (142,5 млрд $квт \cdot с$) б-ча Кыргыз ССРи союздаш респкалардын ичинде 4-орунда. Бул запастын жарымынан көбү 8 ири дарыяга туура келет: Нарын (35,6 млрд $квт \cdot с$), Сары-Жаз (8,9 млрд $квт \cdot с$), Сох (5,6 млрд $квт \cdot с$), Көкөмерен (5,6 млрд $квт \cdot с$), Чаткал (5,4 млрд $квт \cdot с$), Тар (3,9 млрд $квт \cdot с$), Чүй (3,2 млрд $квт \cdot с$), Исфайрам-Сай (2,2 млрд $квт \cdot с$). Нарын д-нда Токтогул (кубаттуулугу 1200 миң $квт$), № 1 Үч-Коргон (180 миң $квт$), Күрп-Сай (800 миң $квт$), Ат-Башы д-нда Ат-Башы (40 миң $квт$) ГЭСтери, Чоң Чүй каналында 8 ГЭСтен (40 миң $квт$) каскады (40 миң $квт$) иштейт. Келечекте Нарын д-на 10 ири ГЭС курулмакчы. Бул ГЭСтер Орто Азия менен Түштүк Казакстандын бирдиктүү энергетикалык системасынын кубаттуу чордону болуп калмакчы.

Көлдөрү. Кыргызстанда жалпы аянты 6836 $км^2$ге жеткен 1923 көл бар. Көлдүү аймак респ-канын аянтынын 3,4%ин түзөт. Кыргызстандагы 16 көлдүн гана аянты 1 $км^2$ден чоңураак, калгандарыныкы 0,1 $км^2$ден ашпайт. Көбү (84%) тоолуу аймакта, деңиз деңгээлинен 3 000—4 000 $м$ бийикте жайгашкан. Көлдөр пайда болушу ж-а морфологиялык өзгөчөлүгү б-ча 4 топко — тектоникалык кыймылдын, мөңгүнүн, көчкүнүн ж-а жер астындагы суулардын аракетинен пайда болгон көлдөргө бөлүнөт.

Кыргызстандагы эң ири көлдөр — Ысык-Көл, Соңкол ж-а Чатыр-Көл тектоникалык чуңкурдуктарды ээлейт. О. Азияда Ысык-Көл — көлөмү б-ча (1738 $км^3$) биринчи, бетинин аянты б-ча (6236 $км^2$) Арал деңизинен кийин экинчи орунда турган эң чоң туюк көл. Ал Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолордун ортосундагы тектоникалык чуңкурдукту ээлеп жатат; узундугу 178 $км$, эң жазы жери 60 $км$, жээк сызыгынын узундугу 688 $км$. Көлдүн эң терең жери 668 $м$, орточо терендиги 278 $м$. Көл суусунун деңгээли акыркы жүз жылда жылына 6—8 $см$ге тартылууда, бул процесс, илимпоздордун ою б-ча, суу балансынын туруктуу эместигинде. Көл суусунун деңгээли жыл ичинде да өзгөрүп турат: жаз — жай мезгилдеринде орто эсеп м-н 21 $см$ге (суу мол куйган жылдары 42 $см$ге чейин) көтөрүлүп, кышында тартылат. Көлдүн деңгээли, о. эле шамалдын ж-а сейше кубулушунун таасирипен да өзгөрүп турат. 1978-жылкы маалымат б-ча көлдүн деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 1606,9 $м$ болгон. Көл кышында тоңбойт, айрым тайыз булуңдарында гана жука муздар пайда болот. Көл бетинин ортоңку болугүндөгү температура жайкысын 24°Сден кышкысын 4°Сге чейин өзгөрөт. Көл туюк келип, суусунун минералданусу өтө жогору (5,8 $г/л$).

Чоңдугу жагынан экинчи көл — Соңкол, ал деңиз деңгээлинен 3016 $м$ бийикте жайгашкан; аянты 275 $км^2$, эң терең жери 15,1 $м$, суусунун көлөмү 2,82 $км^3$, тузсуз. Көл айланасындагы тоолордон агып түшкөн майда



Соңкол.

суулар м-н толукталып турат. Көлдөн Нарындын куймасы — Кажырты суусу башталат. Сентябрдын аягынан июлга чейин муз каптайт.

Чатыр-Көл чоңдугу б-ча 3-орунда. Көл деңиз деңгээлинен 3 530 $м$ бийикте жайгашкан. Аянты 175 $км^2$, басымдуу терендиги 6—3 $м$. Көлгө бир нече майда суу куюп, суу агып чыкпайт. Жылдык көпчүлүк мезгилинде муз м-н капталат. Суусу бир аз туздуу.

Ири көлдөрдүн морфометриялык маалыматтары

Көлдөрдүн аттары	Алабы	Көл бетинин деңиз деңгээлинен бийиктиги, м	Көл бетинин аянты, км²	Суунун көлөмү, км³	Эң терең жери, м
Ысык-Көл	Ысык-Көл	1606,9	6236	1738	668
Соңкөл	Нарын д.	3016	275	2,82	15,1
Чатыр-Көл	Чатыр-Көл	3530	175	1,37	16,8
Сары-Челек	Нарын д.	1874	4,9	0,48	234
Кара-Суу	Нарын д.	2000	4,2	0,22	150
Кулун	Кара-Дарыя	2861	3,3	0,12	91
Көл-Үкөк	Чүй д.	3048	1,6	0,03	55
Ала-Көл	Ысык-Көл	3532	1,3	0,04	73
Мерцбахер	Сары-Жаз д.	3200	4	0,16	—
Беш-Таш	Талас д.	2997	0,5	0,005	28

Кыргызстандын аймагында мөңгүнүн аракетинен пайда болгон көлдөр көп кездешет. Алар — деңиз деңгээлинен 2 500—4 000 *м* бийикте жайгашкан майда көл-



Орто-Токой суу сактагычы.

дөр. Суулары тузсуз. Бул топтогу көлдөрдүн ичинен Түш. ж-а Түн. Эңилчек мөңгүлөрүнүн ортосунда жайгашкан Мерцбахер көлү өзүнүн режими б-ча өзгөчөлөнүп турат. Ал мөңгү суулар м-н толуп, жыл сайын жайдын аягында Түш. Эңилчек мөңгүсүнүн астынан жирип чыгып, Эңилчек суусун 2—3 эсе көбөйтүп, ташкындатат.

Богот көлдөр суу ороондорун көчкүнүн богого калышынан пайда болот. Мындай көлдөр эреже катары орто бийик тоолуу аймактардагы геологиялык жаракалар м-н тик түшкөн ойдордо жайгашкан. Бул топтогу көлдөр анчалык көп эмес, суусу тузсуз, ирилери: Сары-Челек, Кулун ж. б. Гидроген тобундагы көлдөрдөн жемирилип ылдый түшүп кеткен көлдөр кеңири тараган, алар жер астындагы суулардын аракетинен пайда болгон, чанагы анча чоң эмес, тайыз. Бул типтеги көлдөр түбөлүк тоңдун сырт зоналарына мүнөздүү.

Кыргызстандагы бардык көлдөрдүн ичинен Ысык-Көлдүн эл чарбасындагы мааниси зор. Көлдө кеме катнашы өнүккөн; башкы пристандары — Рыбачье ж-а Пржевальск. Булундар м-н көлгө куйган суулардын чаттарында балыктар урук чачат, алардын ичинде жилингир, көк чаар сыяктуу баалуу балыктар да бар. Көл жээгинде 2 балык з-ду иштейт. Ысык-Көлдүн ж-а анын ороонунун табигый ж-а бальнеологиялык шарттары өтө жагымдуу болгондуктан, бул аймак бүткүл союздук маанидеги курорт зонасына айланган. Мында көптөгөн курорттор, санаторийлер, эс алуу жайлары, пионер лагерлери ж. б. дең соолукту чыңдоочу ж-а туристтик мекемелер иштейт. Курорт зонасынын келечек планы иштелип чыккан. Көлдү булгануудан ж-а деңгээлин бир калыпта сакташ үчүн, о. эле Ысык-Көл жээгинин табигый байлыктарын коргоо б-ча комплекстүү иш-чаралар жүргүзүлүп жатат.

Саз жерлер. Саздак жерлер Кыргызстандын аймагынын 0,5%ин гана эөлейт. Алар кыртыш суулары жер бетине жакын жаткан аймактарда — дарыя ороондорүндө, тоо этектериндеги түздүктөрдө, шиленди конустардын (Ысык-Көл м-н Соңкөлдүн ороондорүндө, Чүй, Талас, Нарын, Суусамыр, Жумгал, Кочкор ж. б. дарыялардын, о. эле сырттарда) ар кайсы жерлеринде таралган.

М. И. Большаков

ТОПУРАГЫ

Кыргызстандын табиятына ландшафттын кескин айырмалуулугу, абсолюттук бийиктиктин өтө өзгөрүлмөлүүлүгү, рельефтин абдан татаалдыгы, климат шарты м-н өсүмдүктүн ар түрдүүлүгү мүнөздүү. Топурагы да көп түрдүүлүгү м-н айырмаланып турат. Алардын арасында СССРдин башка тоолуу жерлеринде жолукпоочу өтө өзгөчө түрлөрү бар; мис., жаңгак-мөмө токоюнун бөтөнчө кара күрөң топурагы кездешет. Кыргызстандын топурагы бири биринен өзгөчөлөнүп турган бир нече топко бөлүнөт.

Тоо этектериндеги түздүктөрдүн ж-а тоо аралык ойдуңдардын (500—3000 *м* бийиктикте) топурагы. Булар төмөндөгүлөргө бөлүнөт: тоо аралык жапыз, жарым-жартылай туюк ойдуңдардын (500—1300 *м*) топурагы — турап боз топурагы (агыш, кадимки, күңүрт), аз карбонаттуу боз топурак, шалбаа боз топурагы, боз шалбаа топурагы; тоо аралык туюк ороондордун (1300—3000 *м*) топурагы — бул өз ичинен: жапыз ж-а орточо бийик ойдуңдун (1300—2800 *м*) топурагы — таштак жердин бозомук күрөң, Борб. Тянь-Шандын ачык күрөң карбонаттуу, ачык коңур, коңур, кара коңур, шалбаалуу коңур, гумусу аз кара топурак; бийик тоо-ороондуу ойдуңдун (2800—3000 *м*) топурагы — бетегелүү талаа коңур топурагы болуп айырмаланат.

Бийик сырттын тоо (3000—4000 *м* бийиктикте) топурагы. Какыр сымал чөл, куба күрөң талаалуу чөл, талаа коңур топурактары.

Тоо капталдарындагы (1 000—5 000 *м* бийиктикте) топурак. Талаа алкагынын тоо (1000—2500 *м*) топурагы — тоонун боз, күрөң (агыш, кадимки, шакарсыз), ачык күрөң, коңур, кара коңур топурактары. Шалбаа-талаа алкагынын тоо (2000—2800 *м*) топурагы — кара топурак, жаңгак-мөмө токоюнун кара күрөң ж-а арча токоюнун күңүрт топурактары, карагай токоюнун кара топурагы. Субальп алкагынын тоо (2800—3500 *м*) топурагы — шалбаа-талаа, шалбаа, каралжын-шалбаа топурагы. Альп алкагынын бийик тоо (3200—5000 *м*) топурагы — нак альп алкагынын топурагы: шалбаа-талаа, шалбаа; альп кыртышсыны, доңуз сырты оскон чымдак-жарым чым коңдуу, тоо сулусу оскон чымдуу, айгыр жыгар оскон чымдуу-скелеттүү карбонаттуу, тундра сымал чым коңдуу, жер жаздык оскон жердеги полигонал топурагы.

Зона ичиндеги топуректар. Жердин нымдуулугуна ж-а шордуулугуна жараша шалбаа, саз, аллювий, шалбаа-саз, чым коңдуу саздак, жайылманын (аллювий) шор ж-а шортоң топуректары пайда болот.

Тоо этектериндеги түздүктөрдүн ж-а тоо аралык

Кыргызстандын топурагынын негизги типтери м-н типчелеринин аянты

Топуректын аталышы	Аянты, миң *га*	Жалпы аянтка карай % м-н
Түздүктөр м-н тоо этегинин топурагы		
Туран ачык боз топурагы	131,7	0,56
Туран кадимки боз топурагы	628,6	3,14
Күңүрт боз топурак	573,0	2,86
Мурдатан берки сугат жердеги боз топурак	53,2	0,27
Түндүк ачык боз топурагы	92,4	0,46
Түндүк кадимки боз топурагы	167,5	0,84
Шалбаа боз топурагы	51,2	0,25
Шалбаа-саз, шалбаа топурагы аралаш шор-шортоң боз топурагы	216,7	1,08
Бозомук күрөң топурак	36,4	0,18
Таштак чөлдүн бозомук күрөң топурагы	90,6	0,45
Ачык күрөң топурак	488,3	2,44
Ачык коңур топурак	557,2	2,80
Коңур топурак	161,0	0,81
Кара-коңур топурак	153,2	0,77
Кара топурак	17,0	0,09
	3418,1	17,37
Сырттын топурагы		
Бийик тоо-ороонүнүн коңур сымал топурагы	209,0	1,05
Бийик тоо-ороонүнүн таңыр сымал чөл топурагы	52,7	0,26
Бийик тоо-ороонүнүн куба күрөң чөл-талаа топурагы	120,8	0,60
Бийик тоо-ороонүнүн коңур топурагы	55,2	0,28
	437,7	2,19
Тоо капталдарынын топурагы		
Тоонун боз топурагы	632,2	3,16
Тоонун күрөң боз топурагы	411,8	2,06
Тоонун бетегелүү талаасынын коңур күрөң топурагы	507,9	2,54
Тоонун ачык куба күрөң топурагы	40,4	0,20
Тоонун эрозияга катуу чалдыкан ж-а шордуу ачык куба күрөң топурагы	200,2	1,00
Тоонун ачык коңур топурагы	602,5	3,01
Тоонун кара коңур топурагы	926,4	4,63
Тоонун кара топурагы	675,0	3,38
Тоодогу жаңгак токоюнун кара күрөң топурагы	32,1	0,16
Тоодогу карагай токоюнун каралжын топурагы	197,1	0,99
Тоодогу арча токоюнун кашыкан куба күрөң топурагы	146,2	0,73
Тоонун шалбаалуу талаа субальп топурагы	2936,0	14,69
Тоонун шалбаалуу субальп топурагы	870,5	4,35
Тоонун шалбаалуу субальп каралжын топурагы	259,5	1,30
Тоонун шалбаалуу талаа альп топурагы	988,5	4,94
Тоонун шалбаалуу альп топурагы	915,1	4,58
Бийик тоонун шалбаалуу талаа альп топурагы	150,5	0,75
Бийик тоонун скелеттүү топурагы	394,5	1,97
Бийик тоонун чымдак талаа топурагы	166,4	0,83
Бийик тоонун чымдак чала чым коңдуу топурагы	825,3	4,13
Бийик тоонун тундра сымал топурагы	270,1	1,35
	12148,2	60,85
Зона ичиндеги топуректар		
Шалбаа, шалбаа-саздак, саздак ж-а аллювий аралаш топурак	269,3	1,36
Шалбаа шор топурагы	47,8	0,24
	317,1	1,60
Топурак эмес түзүлүштөр		
Кум	23,5	0,12
Шагыл	91,9	0,46
Аска, түшкү тоо тек, эшилме, шагыл, корум	2160,0	10,8
Касаба ж-а мөңгү	715,3	3,58

ороондордун топурагы аллювий, пролювий ж-а делювий чөкмөлөрүнүн үстүндө түзүлөт, ал чөкмөлөр тоо капталындагы тоо тектердин үбөлөнүүсүнөн пайда болуп, денудация процессинин патыйкасында мезгилмезгили м-н катмарланып, топтолуп турат. Ошондуктан мында топурак пайда болуу процесси үзгүлтүктүү жүрөт да, топурак пайда кылуучу материал улам жаңырып, патыйжада катмарчалар ж-а көмүлүп калган горизонттор түзүлөт. Бул жерлерде туран боз топурагы м-н түн. боз топурагы негизги топурак типтери болуп эсептелет. Субтропик климатына жакын, нымдуулугу өтө өөдө-ылдый, кургак ж-а континенттик климат шартында ырап-жылгын, эфемер жарым чөл өсүмдүгү чыгуучу карбонат тектүү үбөлөндү кыртышта туран боз топурагы жетилет. Ал Түш. Кыргызстандын тоо этектеринде кезигет. Гидрометриялык режимдин өзгөчөлүгү топуректын мезгилге жараша эки фаза м-н пайда болушуна шарт түзөт: жаан-чачындуу мезгилде үбөлөнүүнүн ж-а топурак пайда болуунун продуктулары топуректын профили б-ча төмөн карай жуулса, ысык жай мезгилинде жогору карай жылат. Туран боз топурагына жогорку карбонаттуулук ж-а чопо сымал бир тектүү начар дифференцияланган профиль мүнөздүү. Мунун арасында кадимки боз топурак басымдуулук кылат, ал эми төмөнкү горизонтто гипстүүлүгү, кээде жукалыгы ж-а аз скелеттүүлүгү м-н айырмалануучу агыш боз топурак азыраак учурайт.

Түн. боз топурагы туран боз топурагынан айырмаланып, негизинен Түн. Кыргызстандын тоо этегиндеги түздүктөрдө болот. Ал жаан-чачындуу жаз — жай мезгилдеринде, мелүүн континенттик климат шартында топурак пайда кылуучу продуктулар профиль б-ча төмөн карай жылган кезде калыптанат. Бул мында көп түк кылган гранит үбөлөндү кыртыш м-н бирге боз топуректын аймактык негизги өзгөчөлүгү — аз карбонаттуулукка шарт түзөт. Борб. Тянь-Шандын тоо аралык ороондорүндө топуректын зоналык тиби болуп кескин континенттик, кургак климат шартында чөлталаа өсүмдүктөрүнүн астында калыптануучу ачык күрөң топурак эсептелет. Палеогендик ж-а неогендик түздүү чөкмөлөрдө шор ж-а шортоң ачык күрөң топурак жетилет. Бул айрыкча Ала-Бука — Нарын, Ат-Башы — Кара-Коюн ороондорүнө мүнөздүү. Климаты континенттик орто бийиктеги ороондордө (Каракужур, Суусамыр ж. б.) кургак бетеге-шыбактуу ж-а түрдүү дан чөптүү, талаа жеринде коңур топурак пайда болот. Бул топуректар чиринди составы б-ча гуматтуу-фульваттуу типке кирет ж-а жапыз ороондордун топуректарына салыштырганда чириндиси көбүрөөк болуп, кальций м-н магнийге бай келет. Бийик тоо аралык ойдуңдар м-н ороондордун (Алай, Арпа, Соңкөл, Солтон-Сары ж. б.) түзөңдөрүндө жакшы кыртыштанган коңур сымал талаа топурагы калыптанат. Бул жерлер бийик келгендиктен мындагы топурак көбүнчө жайкы кыска вегетация убагында күн күчтүү тийген мезгилде пайда болот. Бул топурак ири чириндилердин көптүгү, микрофлоранын аздыгы м-н айырмаланат.

Борб. Тянь-Шандын сырттарында топурак башкача шартта пайда болот. Ал жердин темп-расы жыл бою төмөн, топуректары түбүнө чейин тоңот, бир аз терең-дегенде эле көп жылдык тоң тоо тектери кезигет. Сырттагы топурак пайда болуунун бөтөнчө шарттарынан топуректын өзгөчө, б. а. криогендик типтери — бийик тоодогу такыр сымал чөл-талаа топурагы ж-а полигонал тундра сымал топурагы түзүлөт. Топуректын жыл бою тоңуп жатышынын патыйжасында андагы органикалык заттар анаэробдуу шартта бузулат, ным болсо негизинен төмөнтөн ойдо карай жылат. Ошондуктан топурак пайда болуу продуктусу (карбонаттар, оңой эрүүчү туздар ж. б.) үстүңкү катмарларда чогулат. Сырттын топурагында химиялык ж-а биологиялык үбөлөнүү начар, ал эми аядан үбөлөнүү күчтүү жүрүп, ал жегичтүү реакциясы м-н айырмаланат. Анын карбонаты көп ж-а микрофлорага, о. эле топурак фаунасына

өтө жарды. Сыртта туздуу ж-а шор топурак да кеңири таралган.

Тоо бетинин кургак талаа, талаа ж-а шалбаалуу талаа алкактарында негизинен күрөң, куба күрөң ж-а коңур, о. эле кара топурак жатат. Боз топурак, куба күрөң ж-а коңур топуraктар тоо аралык ойдуң топурагынан айырмаланып, анча калың эмес, өтө скелеттүү, көбүрөөк эрозияга чалдыккан. Бадалдуу талаа м-н шалбаалуу талаада калыптануучу күрөң топурак, кара топурак чиринди ж. б. элементтердин эң көптүгү, топурак эритисинин нейтралдуу реакциясы м-н мүнөздөлөт.

Жаңгак-мөмө токоюнун астында суу м-н жуулуу режиминин натыйжасында калың чириндилүү кара күрөң топурак пайда болот, анын фульваттуу-гуматтуу чиринсисинин составы жогору болуп, чополонуусу даана билинип турат ж-а карбонат бүт профиль б-ча таралат. Арча токоюнда топурак мезгил-мезгили м-н катуу жуулуудан жетилип, көп чополонот да, топурак эритисинин реакциясы саал кычкыл ж-а нейтралдуу келет. Карагай токоюнда кара токой топурагы жетилет, анда чымдак чириндилүү катмар ж-а чиринди көп болот да, кальцийге жетишерлик (80—90%) канығат.

Респ-канын аймагында субальп ж-а альп шалбаа-талаа ж-а шалбаа топуraктары кенен таралган. Тоопун шалбаа-талаа субальп топурагы негизинен субальп шалбаа өсүмдүгү чыгуучу күнгөйдө кезигет. Бул топуraктардын профилинин кыртышы чымдак, структурасы жакшы, скелеттүү келип, топурак катмарлары даана болунүп турат. Төмөнкү алкактардагы топурaкка караганда гумустун составында гумин кислотасы көп болот. Чым ж-а андан төмөн жаткан чымдак горизонт карбонаттардан тез-тез жуулуп турат. Тоо-шалбаа субальп топурагы көбүнчө тоопун түн. ж-а чыгыш бетин ээлейт. Тоопун шалбаа-талаа топурагына салыштырганда гумусу көп ж-а анын составында гумин кислотасы да бар, бир кыйла терецге чейин карбонаттардан жуулган, топурак эритилеринин реакциясы нейтралдуулукка жакын. Субальп алкагынын топурагына караганда альп шалбаа-талаа ж-а шалбаа топурагы жука катмардуу ж-а скелеттүү келет. Альп шалбаа-талаа топурагы чириндиге бай, составында фульво кислотасы басымдуулук кылат, карбонаттуу ж-а топурак эритилеринде жегичтүү реакция жүрүп турат. Тескерисинче, альп шалбаа топурагы топурак астындагы суунун, жаан-чачын шартында калыптангандыктан улам карбонаттардан жуулуп турат. Жылуулуктун жетишсиздигинен ж-а көп жылдык тоңдун болушунан бою бийик, сейрек, суукка чыдамдуу өсүмдүктөр чыгат. Тамыр системасы толук өсүп жетиле албайт, эски, өлүү тамыры эң эле жай бузулуп, топуракта чала чиринди түрүндө топтолот. Ошондуктан альп бийик тоо топурагынын үстүңкү горизонту көбүнчө чымдак келет.

Айгыр жыгар, доңуз сырты м-н тоо сулусу өскөн жердин топурагынын профили скелеттүү, карбонаттуу болот. Чириндисинде болжол м-н бирдей өлчөмдө гумин ж-а фульво кислотасы болот да, чириндинин составы гуматтуу-фульваттуу келет.

Бийик тоопун доңуз сырты өсүү жердеги чала чым көңдүү топурагы узакка нымдалуудан пайда болот. Анда чиринди, өтмө ж-а карбонаттуу катмарлар даана болунөт. Тундра сымал чым көңдүү, полигоналдык топуraктар аз карбонаттуу, топурак эритилеринин реакциясы начар жегичтүү же жегичтүү болот. Каксоо тоо бетиндеги топуraктын профили чолундулуу келет. Алар үстүңкү горизонттун механикалык составынын жеңилдиги м-н, арасындагы каксоо ойдуң топурагына ж-а сырт тоо топурагына салыштырганда кыйла скелеттүүлүгү ж-а жуулушу м-н айырмаланат. Тоо бетиндеги топуraктын чиринди составында фульво кислотасы басымдуулук кылат. Топурак эритилеринде нейтралдуу же начар жегичтүү реакция болот. Бардык топурак дээрлик суу режими б-ча жуулма ж-а мезгил-мезгили м-н жуулма типтерге кирип, сарыктырмалуу келет. Бул механикалык составынын жеңилдигине ж-а чириндилүү катмарынын жукалыгына, жетишсиз жуулуп көп карбонаттуулугуна, топурак эритилеринин реакциясы жегичтүү ж-а начар жегичтүүлүгүнө, топурак чириндисинин гуматтуу-фульваттуу типинин көптүгүнө алып келет; жер кыртышынын эң үстүңкү катмарын гана камтыган үбөлөнүү ж-а топурак пайда болуу процесстери салыштырмалуу начар жүрөрүн, о. эле үбөлөндү так ошол жердин өзүндө топтоло тургандыгын көрсөтөт.


Тоо топуraктары классикалык түздуктордун топуraктарынан гана эмес, тоо аралык өрөөндөрдүн ж-а тоо этектердин топуraктарынан да айырмаланат. Бул айырмаларга алардын литогендүүлүгү, тоо тектердин үбөлөнүүсүнөн ж-а орун которуусунан топуraктарга жаңы продуктулардын кошулушу, ошонун натыйжасында алардын жаңырып турушу ж-а скелеттүүлүгү, чолундуулугу, жукалыгы, генезистик горизонтторунун карбонаттардан жуулушу, чириндилеринин кесектиги, алардын арбышына активдүү катышуучу микроорганизмдердин басымдуулугу, кычкылдануу-калыбына келүү потенциалынын жогорулашы ж. б. кирет.

Топуraктардын негизги закон ченеми тоо аралык ойдуңдар м-н аларды курчап турган тоо капталдарынын ар түрдүү алкактуулугуна байланыштуу. Тоо аралык ойдуңдардын бийиктик алкактуулугу өрөөндү бойлото жаңыз жагынан жогору карай байкалат. Кыргызстанда бул ар кайсы өрөөндө ар түрдүүчө болуп, көбүнчө өрөөндүн аба ырайынын жерг. өзгочөлүгүнө байланыштуу келет. Мис., Ысык-Көл өрөөнүнүн түзөңүндө батыштан чыгышты карай бозомук күрөң топурак ачык күрөң топуракка, андан ары ачык-күңүрт коңур топурак орточо чириндилүү кара топуракка өтөт. Өрөөн канчалык бийик жайгашса, андагы топурак алкактары ошончолук аз келет. Өрөөндөрдүн бийиктигине жараша ошол бийиктикке (жаңыз, өтмө, бийик) гана тиешелүү топуraктын түрү калыптанат. Тоо бетинин бийиктик ж-а топурак алкактарынын составы ж-а структурасы кырка тоолордун нымдуулукту алып келүүчү аба массасына карай географиялык абалы, о. эле беттердин экспозициясы м-н аныкталат. Бийиктик алкактуулуктун структурасынын өзгочөлүгү топурак түзүлүшүнүн провинция б-ча бөлүнүшүн көрсөтөт. Бул Кыргызстандын топуraктарынын географиялык таралуу кубулушунун закон ченеминин бири болуп эсептелет.

Кыргызстан Туран, Борб. Казакстан ж-а Борб. Азия деп аталган 3 ири топурак-климат фациясы кошулган жерде жайгашкан. Респ-канын аймагы 3 провинцияга бөлүнөт: Түш. Кыргызстан (Батыш Тянь-Шань тоолору), Түн. Кыргызстан (Түн. Тянь-Шань тоолору) ж-а Тянь-Шандын ички райондорун камтыган Алай — Борб. Тянь-Шань (тоо-өрөөндүү) болуп эсептелет.

Түш. Кыргызстан провинциясы мелүүн климаттан субтропик климатына өтүүчү кескин континенттик белгилери бар өтмө климаты, кышкы-жазгы жаан-чачындын көптүгү, жазгысын эфемер өсүмдүктөрдүн өсүшү, чөл тибиндеги сымал топуraктын пайда болушу, карбонаттуу үбөлөнүүнүн арбындыгы м-н мүнөздөлөт. Бул жерде тоопун төмөнкү алкагында боз, о. эле күрөң топуraктар пайда болот, андан жогору өзгөчө тоотокоюнун топурагы кезигет, а. и. жаңгак-мөмө токоюнун кара күрөң топурагы, арча токоюнун күңүрт түстүү топурагы ж-а андан жогору тоо-шалбаа-талаа, тоо-шалбаа субальп ж-а альп топуraктары пайда болот.

Түн. Кыргызстан провинциясы мелүүн-континенттик климаты м-н өзгөчөлөнөт. Жазында нымдуу келип, жайында ж-а жаз-жайда өсүүчү өсүмдүктөрү болуп, жарым чөл ж-а талаа тибиндеги топуraктар кездешет. Тоолордун төмөнкү алкактарында ж-а тоо этегиндеги түзөндөрдө аз карбонаттуу боз топурак пайда болот, жогору жагында коңур, кара топурак жетилет. Тоолордун ортоңку зонасында карагай, арча, четин, бай терек, о. эле карагат, ит мурун ж. б. бадалдуу, ка-



рагайлуу ж-а аралаш токой өсөт. Алардын астында тоотокой топурактары калыптанат. Бул топурактардын жогору жагында альп, субальп топурактары пайда болот. Мезофит каз таман флемистүү-дандуу шалбаа чөптөрү өскөн жерде тоо-шалбаа ж-а шалбаа-талаа топурактары жетилет. Бул провинциянын олуттуу өзгөчөлүгү тоо этегинде жер астындагы суу жер бетине жакын жайгашкандыктан, ал жерде гидроморфтуу ж-а чала гидроморфтуу топурак комплекси (боз-шалбаа топурагы, шалбаа-боз топурагы, шалбаа-саз) пайда болот. Ошондуктан бул жердин топурактары минералдашкан грунт сууларынын жер бетине жакын жатышынан көбүнчө шор же шортоң болот.

Тоо-өрөөндүү Алай—Борбордук Тянь-Шань провинциясынын жери бийик, орография жагынан түюк. Мында жайында жаан-чачын көп болуп, климаты кескин континенттик, кургак ж-а суук келип, шыбактуу жарым чөл ж-а дың-талаа өсүмдүктөрү өсөт. Бийик тоолор сезондук ж-а көп жылдык тоңу м-н өзгөчөлөнөт. Бул провинцияда ачык күрөң топурак кеңири таралган. Орто бийиктеги ойдуңдарда коңур топурак, бийик жерлерде коңур сымал топурак кезигет. Ысык-Көлдүн батышында ж-а Кочкор өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө чөлдүн таштуу бозомук күрөң топурагы, Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүндө орто чириндилүү кара топурак ж-а шалбаа кара топурагы бар (булар башка провинцияда кезикпейт). Тоо-токой топурактары көбүнчө карбонаттуу, чириндиси көп, чым көң катмары даана бөлүнөт. Тоо капталдарынын эңкейиштеринде ж-а сырт тоолорунда доңуз сырты өскөн жерде чала чым көндүү бийик тоо топурактары, тоо сулуулуу жерде чымдуу топурактар, такыр сымал чөл топурагы, о. эле тоңдун таасиринен пайда болуучу полигонал тундра сымал чым көндүү топурактар жатат. Бул топурактар башка провинцияларда сейрек кездешет. Кыргызстандын топурагынын географиялык таралышынын закон ченеми ж-а тоо топурактарынын пайда болуу бөтөнчөлүгү аларды а. ч-да пайдалануунун ж-а келечекте өздөштүрүүнүн негизги өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

А. Мамытов

ӨСҮМДҮКТӨРҮ


Кыргызстандын көп түркүн флорасы татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн 4 миңдей түрүн камтып, Сов. Союз. жалпы флорасынын 20%ин түзөт. Өсүмдүктүүлүктүн калыптанышы рельеф, кыртыш, климат ж. б. факторлорго байланыштуу. Кыргызстан тоолуу респ-ка болгондуктан, абсолюттук бийиктик жогорулаган сайын климат ж. б. факторлордун өзгөрүүсүнө байланыштуу өсүмдүктөрдүн таралышы бийиктик алкактуулук законуна баш ийет. Тоо этектеринен чокусуна чейинки улам алмашып туруучу алкактарга өсүмдүктүүлүктүн ар башка типтери мүнөздүү. Түздүктөр м-н тоо этектеринде шыбактуу талаа, суу жээктеринде чычырканактуу, талдуу, ит мурундуу ж. б. токойлор басымдуулук кылат. Орто бийик тоолордо жаан-чачындын түшүүсүнө байланыштуу түрдүү талаалар, шалбаалар, токойлор ж-а бадалдар, бийик тоолордо альп шалбаалары, криофилдик жаздык сымал өсүмдүктөр ж-а тоо тундралары, сырттарда бийик тоолуу талаа, кала берсе шыбактуу чөлдөр да кезигет. Кыргызстандын аймагындагы өсүмдүктүүлүктү төмөнкү типтерге бөлүштүрүүгө болот: чөл өсүмдүктөрү, тикенектүү жаздык сымал өсүмдүктөр, талаа өсүмдүктөрү, шалбаалар, токойлор, жалбырактуу бадалдар, саздар, криофилдик жаздык сымал өсүмдүктөр ж-а тоо тундралары.


Чөл өсүмдүктөрү. Өрөөндөрдөн ж-а тоо этектеринен (деңиз деңгээлинен 1200—1300 *м* бийикке чейин), о. эле сырттагы жайлоолордон (деңиз деңгээлинен 3400 *м* бийикке чейин) орун алган. Чөл өсүмдүктөрүнүн негизгилери болуп ксерофиттик (кургакчыл), галофиттик (шор топуракта өсүүчү) бадал сымактар ж-а бадал сөөйлөр эсептелет. Өрөөндөр м-н тоо этектериндеги өсүмдүктүүлүктүн көпчүлүгүн эфемерлер ж-а эфемероиддер, ал эми шагыл жерлерде тикенүү чөптөр, суккуленттер түзөт. Чөлдөрдүн басымдуу көпчүлүгүн шыбактуу, азыраагын баялыштуу, андан аз болгун чекенделүү чөлдөр ээлейт. Кыргыз ж-а Талас кырка тоолорунун этектеринде негизинен ийри, кузгу ж-а лессингадай шыбактар, Ысык-Көл ойдуңунда ныкж-а тянь-шань шыбактары, Ички ж-а Борб. Тянь-Шанда — мала гүлдүү ж-а тянь-шань шыбактары; Чаткал, Фергана ж-а Алай кырка тоолорунун этектеринде — олөндөй, ичке тилкелүү ж-а фергана шыбактары, Алай тоолорунда Леман ж-а Кнорринг шыбактары өсөт. Жазында ж-а жай айынын башында өрөөндөрдөгү ж-а тоо этектериндеги шыбактуу чөлдөрдө эфемерлер көп жолугат, кызгалдак апийими, реомериялар, о. эле түркстан ж-а жоон мамычалуу ыраңдар, күзгө жакын шыбактар, тармал көп баштар, кокуй тикен ж. б. өсүмдүктөр гүлдөйт. Бийик тоолуу шыбак чөлдөрдүн флоралык составы өрөөндөр м-н тоо этектериндеги чөлдөргө караганда жарды келет. Бул жерде шыбак м-н бирге өсүүчү жылтыркан, боз терескен өңдүү көп жылдык бадал сөөйлөр өсөт.

Баялыштуу чөлдөр Нарын д-нын өрөөнүндө, Чаткал ж-а Алай кырка тоолорунун этектеринде, Ысык-Көл ойдуңунун батыш бөлүгүндө ж-а Сары-Булакта, Сары-Жаз д-нын төмөнкү агымында, Төлөктө, Чоң-Түздө кездешет. Мында галофиттер басымдуулук кылат: ийри, дарактай, туштаң жалбырактуу баялыштар, туштаң гүлдүү сагандар, Регель симпегмасы, барсагай момолүү сведа, кашкар реомериясы, учтуу күүдүрөк ж. б. Бул жерде чөптүүлүк өтө сейрек, айрым аяттарда калың-дыгы бир нече *мм*ге жеткен туз катмары агарып турат.

Чекенделүү чөлдөр шагыл-таштуу жерлерге мүнөздүү. Алар Ысык-Көлдүн батыш жагында, Көкөмерен суусунун жээгинде, Кыргыз кырка тоолорунда, Сопу-Коргондо, Чаткал кырка тоолорунда кеңири таралган. Анын флоралык составында петрофилдик өсүмдүктөр басымдуулук кылат.

Ысык-Көлдүн батышындагы чөл ландшафты.






Тикендүү жаздык сымал өсүмдүктөр. Бул өсүмдүктөр чөлдөрдө, айрыкча шагыл-таштуу жерлерде өсөт. Алар анчалык көп эмес аянтты ээлеп, Ысык-Көлдүн түн.-батышында, Ак-Талаада, Кочкор, Алай өрөөндөрүндө кезигет. Тикендүү жаздык сымал өсүмдүктөрдүн катарына таштак жерде өсүүчү тоо тамандар, чырмоок, көбү томук, кокомерек, чекенделер, седум, оростахис ж. б. өсүмдүктөр, о. эле шыбактын ар кандай түрлөрү, тулаңдуулар, жылтыркан, Вишняков пиязы, айрым жерлерде кыргыз, турпан, ак кабык, кооз төө куйруктар кирет. Бул жерлерде такырлар ж-а шагылдуу тоо тектер көрүнүп турат.

Талаалар. Чөлдөргө салыштырганда талаалардын аянты басымдуулук кылат. Флоралык составы, структурасы, өсүү ритми б-ча алар түрдүүчө болот. Бул жерде дүңгөлүү, саванна ж-а субтропик талаалар жолугат. Дүңгөлүү талаа Борб. ж-а Ички Тянь-Шанда, Ысык-Көл ойдуңунда, Кыргыз Ала-Тоосунда, Кичи ж-а Чоң-Кеминде, Талас Ала-Тоосунда, Алай ж-а Чаткал кырка тоолорунда кездешет. Дүңгөлүү талаалардын арасында бетегелүү талаалар көп кезигип, анда негизинен валезия бетегеси өсүп, абсолюттук бийиктик жогорулаган сайын Крылов ж-а бийиктиктеги бетегелерге алмашат.

Бетегелер түрдүү өсүмдүк жамаатташтыгын пайда кылат: чөл м-н чектешкен жерде — шыбак-бетегелүү, ак кылкан, тулаң-бетегелүү талаа, ал эми шалбаа м-н чектеш жерде — жылган-бетегелүү, түрдүү чөп-бетегелүү талаа ж. б. Бийиктеген сайын валезия бетегелүү талаалар тоо сулусу, айрым райондордо кыргыз ак кылканы каптаган талаага алмашат. Жазында ж-а жай айынын башында, айрыкча жапыз ж-а орто бийик тоолуу талааларда Колпаковский чекилдеги, каз пияздар, ала-тоо крокусу, түркстан ж-а жоон мамычалуу ырактар, астрагалдар, Северцов ж-а Регель байчечекейлери, татар көк гүлү, Зинанда ж-а Колпаковский мандалактары жолугат. Андан соң кадимки галиум, орус көк башы, көкөмерек, чөл шалфейи ж. б. өсүмдүктөр гүлдөйт. Бийик тоо бетегелүү талааларынын флоралык составы жарды келет. Кыргызстандын түш.-чыгышындагы бийик тоолуу сырттарга айгыр жыгардуу, птилагростистүү талаалар мүнөздүү, анда сары каз тамандын бир нече түрү, астрагалдар ж-а кекектер өсөт; айрым жерлерде алын шалбааларына мүнөздүү болгон мамыр чөп да кезигет. Кочкор ж-а Жумгал өрөөндөрүнүн шагыл-таштуу аймактарына ак кылкандуу талаа мүнөздүү. Бул жерде шыбактуу чөлдөргө таандык өсүмдүктөр да көп өсөт. Бир топ райондордун өрөөндөрүндө ж-а тоо этектеринде нагыз чийлүү аянттар кезигет. Ал аянттар өздөштүрүлүп, чий талаалар жок болуп баратат. Ошондой болсо да айрым жерлерде ири дүңгөлүү чий талаалар сакталган. Шалбаалуу талаа бир топ аянтты ээлеп, анын чөптүүлүгүн талаа дан өсүмдүктөрү м-н бирге шалбаа чөптөрү — шалбаа каз таманы, кадимки каз таңпай, жунгар скабиозу, тармал чөп, аркар от ж. б. түзөт.

Саванна же субтропик талаалары. Алар негизинен Кыргызстандын түш.-батыш бөлүгүндө — Чаткал, Фергана ж-а Алай өрөөндөрүнөн орун алып, айрым жерлерде тропик саваннага окшогон өзгөчө ландшафтты түзөт. Мындай талаалар жаз ж-а жай айларынын биринчи жарымында жаан-чачын арбын түшкөн жерлерде калыптанат. Анда кан токтоткуч кызыл от, буудайык, сарыңдыз, эремурус, тоют аюу чачы, ниязтүптүү арпа, феруланын ар кандай түрлөрү ж. б. өсүмдүктөр өсүп, алар өздөрүнүн басымдуулугуна карата кызыл оттуу, буудайыктуу, сарыңдыздуу, эремурустуу, аюу чачтуу, ниязтүп арпалуу ж-а ферулалуу талааны түзөт. Бул талаанын флоралык составы өтө бай ж-а ар түрдүү. Алардын чөптүүлүгү лилиялар, чатыр гүлдүүлөр, кайчы гүлдүүлөр ж. б. тукумга кирген эфемерлер м-н эфемероиддерден турат. Бийик чатыр гүлдүүлөр ж-а жалгыздан өскөн арчалар жапыз чөптөрдөн озуп турат да, саванналык өсүмдүктүүлүктү элестетет. Жазында ж-а жай айларынын баш ченинде (жаан-чачындуу мезгилде) өсүмдүктөр дүркүрөп тез өсөт. Бирок июль айынын аяк ченинде чөптөрдүн көчүлүгү саргарып, куурай баштайт. Айрым кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөр гана күзгү суукка чейин турат. Саванналык талаалар чыгышка ж-а түн.-чыгышка карай ичкерип жок болот да, алардын ордун дүңгөлүү талаалар ээлейт.



Кыргыз Ала-Тоосундагы эремурус талаасы.

Шалбаалар. Талааларга салыштырганда азыраак кездешет. Реси-канын кургак кескин континенттик климаты шалбаа өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө тоскоолдук кылгандыгына карабастан, айрым жерлерде тоо-өрөөндүү бийик чөптүү, субальпылык орто өскөлөң чөптүү ж-а альпылык жапыз чөптүү шалбааларды жолуктурууга болот. Сууларды жээктериндеги өрөөндөрдө, жапыз ж-а орто бийик тоолуу нымдуу жерлерде кургакчыл сүйсең, жунгар ырацы, кыска кылкандуу арпа, жунгар түлкү куйругу ж. б. бийик чөптүү шалбаалар жолугат. Шалбаалар анча чоң эмес аянтты ээлеп, алар өрөөн жайылмаларындагы токойлор ж-а бадалдар, саз өсүмдүктөрү (камыш, жекен, саз ыраңдарынан турган) м-н

Тянь-Шань шалбаасы.




улам алмашылып турат. Тоо капталдарындагы бийик чөптүү шалбаалар токойго жакын жерлерде, жайыктарда, бадалдардын арасында көп кезигет. Көп учурда токой ж-а бадалдар м-н чектеш жайгашат. Мында шалбаа жылганы, шалбаа флемиси, топтолушкан ак сокто, кылкансыз түбү бош, Томпсон лигуляриясы, Мибольд каз таманы, жука жалбырактуу жер буурчак ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Бул шалбаалардын флоралык составы бай ж-а ар түрдүү. Чөп түрлөрүнөн катуу сабактуу, көбүнчө уулуу өсүмдүктөрдү (жунгар уу коргошуну, Полторацкий бүтөөсү, сасык коңгуроо гүл ж. б.) кезиктирүүгө болот. Деңиз деңгээлинен 2 700 *м* ден ашуун бийиктикте бийик чөптүү шалбаалар орто өскөлөң субальп шалбаалары м-н алмашат ж-а мындай шалбаалар реси-када узун чөптүү шалбааларга караганда басымдуу аянтты ээлейт. Мында тоо флемиси жө шимүүр, аска каз таманы, кыска түтүкчөлүү чекилдек, анемона, жыттуу бото көз ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Көбүнчө субальп шалбааларында топтошуп өскөн жалдай тоо куйрук ж-а түркстан арчасы жолугат. Алардын флоралык составы өтө бай ж-а ар түрдүү келет. Эки үлүштүү өсүмдүктөр дан өсүмдүктөрүнө караганда басымдуулук кылат; айрыкча флемис көп өсөт. Абсолюттук бийиктикте (деңиз деңгээлинен 3 000 *м*) жапыз чөптүү альп шалбаалары кездешип, анда негизинен альп жылганы, Семёнов пиязы, кайрылган түктүү тогуз тобол, альп лигуляриясы, кара күрүч, түрдүү ырактар (ичке мөмөлүү, кара гүлдүү ж. б.), мамыр чөп, каакымдар өсөт. Булардан тышкары кызгылт-сары жылтыр гүл, альп астрасы, Карелин кекиреси, суукчул примула, тянь-шань бото көзчөсү, тянь-шань серастиуму ж. б. өсүмдүктөр кездешет.

Кеңири таралган доңуз сырттуу шалбаалар башкача көрүнүп турат. Алар негизинен Кыргызстандын түш.-чыгыш бөлүгүндө, Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорунда, Тескей Ала-Тоо м-н Какшаал-Тоолорунун ортосундагы аймакта жайгашкан. Ички Тянь-Шандын бир топ аянтын (айрыкча сырттарда) түк сымал ж-а жапыз доңуз сырттуу шалбаа ээлейт. Булардын флоралык составы жарды, анткени кыртышы өтө нык чымдуу келип, башка өсүмдүктөрдүн жашоосуна тоскоолдук кылат. Реси-канын түштүгүндө доңуз сырты өскөн шалбааларда негизинен перс ж-а памир-алай доңуз сырттары өсөт.

Суукка байымдуу жаздык сымал өсүмдүктөр. Альп шалбаалары тоолордун көбүндө бийиктеген сайын криофилдик жаздык сымал өсүмдүктөргө өтөт; айрыкча ашууларда, моңгу, аска ж-а эшилме жерлерге жакын (деңиз деңгээлинен 3200—4200 *м* бийикте) кездешет. Мында төрт аталыктуу жер жаздык, кекектердин түрлөрү, альп соссюреясы, ж. б. жаздык сымал өсүмдүктөр көп жолугат. Флоралык составы жагынан жарды келип, петрофилдик катардагы өсүмдүктөр көп кезигет. Криофилдик жаздык сымал өсүмдүктөр өзүнүн жогорку чегинде, айрыкча Ички Тянь-Шандын кар-мөңгүлүү чыгыш бөлүгүндө тоо тундралары м-н чектешет. Тоо тундраларынын флорасы зоналык тундра флорасы м-н бир топ окшоштугу бар. Өсүмдүктүүлүк текши оспөйт; мамык чөптүү ж-а эңилчектүү бийик тоо өсүмдүктөрү жайдак такырлар м-н алмашылып турат. Өсүмдүктөрү бийик тоонун катаал шартына ыңгайланып, топтошуп, узата ж-а тегерете өсөт. Зоналык тундрага мүнөздүү өсүмдүктөрдүн 250 түрүнүн Кыргызстандын тоолуу тундраларында 201 түрү жолугат (алардын ичинен эңилчектер, мамык чөптөр, криофит дан өсүмдүктөрү, ырактар ж-а түрдүү чөптөр). Жалаң эңилчек м-н мамык чөп каптаган аянттар да кезигет. Кырка тоолордун жонуна жакындаган сайын өсүмдүктөрдүн саны да кескин кыскарып, анда-санда суукка чыдамдуу өсүмдүктөр (чөйчөкчөлүү чайыр гүл, рихтерия, тарапчы чөптөй серастиум ж. б.) гана өсөт.

Токойлор. Кыргызстандын аймагындагы токойлордун аянты анча чоң эмес (жалпы аймагынын 3,5%). Алар кыртыш ж-а ным сактоодогу ролуна карай реси-ка үчүн чоң байлык болуп саналат. Флоралык составы жагынан өтө бай ж-а ар түрдүү. Карагайлуу, арчалуу, жаңгак-жемиштүү, зарацдуу, тал-теректүү, кайыңдуу токойлор таралган. Айрыкча арчалуу, карагайлуу, жаңгак-жемиштүү токой көп аянтты ээлейт.

Карагайлуу токойлор Шренк карагайынан туруп, 24 000 *га* аянтты ээлейт, тоолордун түш., түн.-батыш ж-а түш.-чыгыш капталдарында деңиз деңгээлинен 1500—3100 *м* бийикте орун алган. Алар Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүндө, Күнгөй Ала-Тоодо, айрыкча




Тескей Ала-Тоодогу токой зонасы. Кичи-Жаргылчак өрөөнү.

Кемин өрөөнүнө караган капталдарда, Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндө (Кегети, Шамшы, Туюк), Кабак-Тоо, Нарын-Тоо, Ат-Башы-Тоонун капталдарында кезигет. Кыргызстандын түштүгүндө карагайлуу токой аз, анда көк карагай м-н бирге өсөт. Карагай м-н кошо тянь-шань талы, тянь-шань четини, түрдүү бадалдар (шилби, бөрү карагат, табылгы ж. б.) көп жолугат. Карагайлуу токойдун ичинде чөптүн 350дөн ашык түрү өсөт. Бадалдуу, талдуу, четиндүү, кайыңдуу, арчалуу, алтыганалуу, аюу мөмөлүү, мамык чөптүү, кипрейлүү ж. б. карагай токойлору кезигет. Карагайлуу токойдун арасы узун чөптүү шалбаалар м-н улам бийиктеген сайын жапыз, ичке сөңгөктүү, кээде бадал карагайлуу субальп шалбаалары м-н кезектешет.


Арчалуу токой реси-канын 316,6 миң *га* аянтын ээлеп, деңиз деңгээлинен 2 800—3 000 *м* бийикте өсөт. Негизинен Кыргызстандын түштүгүндө ж-а түш.-батышында Алай, Түркстан, Фергана, Чаткал кырка тоолорунан орун алган. Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунда Борб. Тянь-Шанда (түш.-батышында) бир аз кездешет.

Мазар сууснуун өрөөнүндөгү (Кыргыз-Атанын алабы) арча токою.



Арча токойлорунун басымдуу аянттарында сейрек кезигүүчү ж-а парктарда тигилүүчү өсүмдүктөр өсүп, ал эми пукура арчалуу калың токойлор аз кезигет. Арча токойлорунда бийик сөңгөктүү кара ж-а сары арчалар өсөт. Кыргызстандын батыш райондорунда тоо бетиндеги сейрек токойлор кара арчадан турат. Арчалуу токойдун арасында шалбаа-талаага мүнөздүү чөптөр өсөт. Сары арчадан турган арчалуу токойлор көп таралган, ал эми Кыргызстандын түштүгүндө өрүк арчадан турган токойлор көп. Арчалар м-н кошо түрдүү бадалдар (созуңку бөрү карагат, Федченко ит муруну, майда жалбырактуу шилби, кара момолүү ыргай, сары чай чөп, жалбырактуу табылгы ж. б.) да өсөт. Кыргызстандын шартында өрүк арчалардын бийик сөңгөктүү ж-а жапалак формасы жолугат. Респ-канын түштүгүндө (орто бийик тоолордо) арчанын бийиктиги 18 *м*ге жетип, башка арчалар м-н калың ж-а сейрек токойлорду түзөт. Субальп алкактагы шалбааларда жапалак арча өсөт.

Жаңгак-мөмө токойлору 608,5 миң *га* аянты ээлейт. Бул жер шарындагы эң чоң жаңгак-жемиш токою болуп саналат. Жаңгак токойлор Кыргызстандын түштүгүндө, негизинен Чаткал ж-а Фергана кырка тоолорунда деңиз деңгээлинен 1000—2200 *м*




Түш. Кыргызстан жаңгак-жемиш токою. Кара-Алма өрөөнү.

бийиктикте жайгашкан. Бул токой негизинен грек жаңгагынан турат. Андан сырткары алма, алмурут, алча, чие, карагат, дан куурай ж. б. мөмөлүү өсүмдүктөр өсөт. Чөптүүлүгүн канаттай брахиподиум, дары мелисса, майда гүлдүү кына, кадимки көк чай чөп, сонун непета, тик каз таман, токой жылганы, азиноум, топтолушкан ак сокто, шалбаа бедеси ж. б. өсүмдүктөр түзөт. Жаңгак токойлорунун флоралык составы өтө бай келип, түтүкчөлүү өсүмдүктүн гана 300дөй түрүн камтыйт. Токойдогу басымдуулук кылган өсүмдүктүн түрүнө карата брахиподиумдуу, кыналуу, алмалуу, алма-долонолуу, зарандуу, жыттуу ак гүлдүү, алмурут-алма-алчалуу ж. б. болуп бөлүнөт. Көбүрөөк аянты жалаң жаңгактан турган токой ээлейт; о. эле алмурут-алча-алмалуу, брахиподиумдуу, кыналуу токойлор көп таралган. Бул токойлордун эл чарбалык маанисин да чоң; жылына 600—1000 *т* жаңгак, 5000 *т* алма, алча жыйналат. Жаңгак-мөмө токойлоруна жыл сайын көптөгөн туристтер келет. Жаңгактуу токойлор союздук маанидеги мамл. заказниктердин катарына кошулган, ал эми Арыкт өрөөнүндө жайгашкан Сары-Челек болсо мамл. корук болуп эсептелет.

Зарандуу токойлор Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунда кезигет да негизинен жаңгак-жемиш токойлорунда өсүүчү Түркстан зарацынан турат. Зарац токойлору 50 миң *га*дай аянтты ээлейт.

Көк карагайлуу токойлор 6 миң *га* аянтты ээлеп, Чаткал кырка тоолорунан орун алган. Анда негизинен Семёнов көк карагайы (эндемик түрү) өсөт. Аны м-н кошо Шренк ж-а Роберт карагайлары да жолугат. Бул токойлордун чөптүүлүгүн негизинен шалбаа чөптөрүнүн түрлөрү түзөт. Нарын, Ат-Башы, Суусамыр, Талас сууларынын өрөөндөрүндө лавр жалбырактуу терек, кайың, тал, о. эле түрдүү бадалдар — жылгын, чыгыш жебелгеси, чычырканак ж. б. өсүүчү тал-теректүү токойлор өсөт. Тал-теректүү токойлордун жалпы аянты 21 миң *га* (6 миңи пукура теректүү, 15 миңи талдуу). Кайыңдуу токойлордун анча көп эмес массивдери респ-канын бардык райондорунда жолугат. Ал токойлордун жалпы аянты 4 миң *га*дай. Негизинен түркстан, тянь-шань, Сапожников кайыңдарынан турат.

Бадалдар респ-када көп таралган. Флоралык составы ж-а түзүлүшү жагынан ар түрдүү: тоо куйрук (алтыгана), боз көңөрчөк (чыцгыл), табылгы, розарий, бадам, мисте, чие, жыттуу ак гүл (кара март), алча, катын жаңгак, тал, чычырканак, бөрү карагат токойлору бар. Алтыганалуу токой Ички Тянь-Шань, Ысык-Көл ойдуңунда көп жолугат. Алар чөлдөрдө (кыргыз, турпан, ак кабыктуу алтыгана), талааларда (көп жалбырактуу тоо куйрук) ж-а тоолордун субальп алкактарында (жалдай тоо куйрук) кезигет. Кыргызстандын түштүгүндө, айрыкча Чаткал ж-а Фергана кырка тоолорунда мисте токойлору 26 миң *га*дай аянтты ээлейт. Мисте бадалдарынын арасында талааларга ж-а жарым чөлдөргө мүнөздүү өсүмдүктөр өсөт. Мисте токоюнан жылына 250 *т*га чейин түшүм жыйналат. Андан тышкары Петунников, букара ж-а тикендүү бадам токою да жолугуп, баалуу мөмө берет. Фергана ж-а Чаткал тоо кыркаларында алча токойлору да өсөт. Жаңгак-мөмө токойлорунда жыттуу ак гүлдөр (кара март) көп. О. эле роза же кокон ж-а жазы тикендүү ит мурун ж. б. розалуу токойлор кезигет. Респ-канын түштүгүндө ит мурундун мөмөлөрүнөн витамин иштеп чыгаруучу завод иштейт. Тянь-Шань чиеси шагыл-таштуу бардык жерлерде кезигип, мөмөсү кургакчылыкка чыдамдуу, түшүмдү көп берүүчү сортторду чыгарууда пайдаланылат. Бардык суулардын жайылмаларында ж-а Ысык-Көлдүн жээктеринде жыш чыккан чычырканак, ит мурундун түрлөрү, табылгы, бөрү карагат бадалдары кезигет. Нымдуу шалбаа ж-а шалбаалуу талааларда чай чөп жалбырактуу табылгы, алмурут сымал жалбырактуу боз караган, ал эми Талас өрөөнүндө, айрыкча батышында бөрү карагат, жалбырактуу гультемия ж. б. бадалдар жолугат. Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө, айрыкча Борб. Тянь-Шанда Залесов комаруму, тангут клекматиси, о. эле кашкар бөрү карагаты ж. б. өсөт. Кыйылган токойлордун ордунда ж-а токойлорго жакын жерлерде майда жалбырактуу шилби, кара момолүү ыргай, бөрү карагат, табылгы, ит мурун ж. б-дан турган аралаш бадалдар кезигет.



Чаткал ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунун кошулган жери.

Кыргызстандын флорасы тоют, дары, эфир майлуу, өңдөгүч заттуу, инсектицциддүү, крахмалдуу, гуттаперчалуу, каучуктуу, жаңгак-момолүү, алкалоиддүү ж. б.



Бабаш-Ата кырка тоосундагы гляциалдык-нивалдык тилке.

пайдалуу өсүмдүктөргө өтө бай. Дары чөптордун 15тен ашуун түрү медицина үчүн атайын даярдалат (жалаң чекенде жылына 500 *т*га чейин жыйналат). Чөлдөр, талаалар ж-а шалбаалар жайыт катары пайдаланылат.

Тоонун түрдүү алкактарында өсүмдүктөр ар башка мезгилде гүлдөп өсөндүктөн малды вегетациялык мезгилде жайытта кармоого мүмкүндүк болот. Кыргызстандын эл чарбасынын негизги мал чарбачылыгы түзгөндүгүнө байланыштуу, өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрү азайып, алардын ордуна түрдүү отоо чөптөр чыгып, жайыттардын түшүмдүүлүгү бир топ төмөндөдү. Дың талаалар, шалбаалар, жарым чөлдөр айдалып, алардын ордун жасалма жайыттар, парктар, токойчолор, мөмөлүү бактар, огороддор, эгин талаалары ээлөөдө. Респ-канын айдалуучу жерлеринде пахта, анжир, анар (Фергана өрөөнүндө), кант кызылчасы (Чүй өрөөнүндө), эспарцет, буудай, беде (Ысык-Көл ойдуңунда), тамеки (Ош, Талас обл-нда) өстүрүлөт. Багбанчылык ж-а жүзүмчүлүк да жакшы жолго коюлган.

Геоботаникалык райондоштуруу. Өсүмдүктөрдүн аймактык жайгашуусу 6 геоботаникалык провинцияга, 17 округга ж-а 50 районго бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет. Ар бир провинция өзүнчө өсүмдүктүүлүк, флоралык ар түрдүүлүк, алкактуулуктун тибн ж-а географиялык чөйрө м-н мүнөздөлөт.

Түндүк Тянь-Шань провинциясы Чүй өрөөнүн, Кыргыз Ала-Тоосун, Чоң-Кемин ж-а Кичи-Кемин өрөөндөрүн камтыйт. Анда күзгү ж-а ийри шыбак-эфемерлүү чөлдөр; валезия бетегеси, чымдак тоо сулусу, тырсы тулацы ж. б. өскөн талаа; топтолушкан ак сокто, ири жалбырактуу лигулярия, шалбаа шимүүрү ж-а жылгандары бар бийик чөптүү шалбаа; Шренк карагайы, тянь-шань талы ж-а ар түрдүү ийне жалбырактуу бадалдар өскөн карагайлуу токой; тоо шимүүрү, алтай троллиустуу субальп шалбаасы, альп жылганы, доңуз сырты ж. б. өсүүчү альп шалбаалары көп жолугат. Провинцияда евросибирь ж-а туран флорасынын элементтери басымдуулук кылат.

Ысык-Көл провинциясына Ысык-Көл ойдуңу кирет. Бул провинциянын батышында чекенделүү, терескендүү, баялыштуу, шыбактуу (тянь-шань ж-а ысык-көл шыбактары) чөл; тоо куйруктуу (алтыгана), бетеге ж-а туландуу талаа басымдуулук кылса, чыгыш жагына Шренк карагайлуу ж-а түрдүү бадалдуу (бөрү карагат, табылгы, шилби) токой мүнөздүү. Бийик чөптүү шалбааларда топтолушкан ак сокто, Лобель марал кулагы, шалбаа жылганы ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Провинциянын флорасында бореалдык, алдыцкы азиялык ж-а евразиялык флора элементтери басымдуулук кылат.

Борбордук Тянь-Шань провинциясына респ-канын бийик тоолуу чыгыш бөлүгү (Сары-Жаз суусунун алабы) кирип, аскалар, эпилмелер ж-а өсүмдүк топтору мүнөздүү; флорасында борб. азиялык (монгол ж-а тибет) флора элементтери басымдуулук кылат. Провинцияда птилагростистүү, айгыр жыгарлуу талаа, мала гүлдүү шыбак чөлдөрү, эфилчек ж-а мамык чөптүү тоо тундралары көп жолугат. Бадал өсүмдүктөрүнөн ала-тоо талы, кашкар бөрү карагаты, тангут жебелгеси өсөт.

Ички Тянь-Шань провинциясынын кучагына негизинен Ички Тянь-Шандын сырттары камтылат. Ал жерлерде шыбактуу, симпегмалуу, кудуректүү, сведалуу ж. б. чөлдөр, о. эле дүңгөлүү, бетегелүү, туландуу ж-а тоо сулусу, төө тамандар каптаган талаа көп кездешет; тоолордун түн. капталдарында карагайлуу токой ж-а түрдүү бадалдар, бийик чөптүү ж-а субальп шалбааларында жылган, суукка чыдамдуу шимүүр, доңуз сырты ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Провинцияда бореалдуу, туран, алдыцкы азия ж-а евразия флорасынын элементтери басымдуулук кылат.

Түштүк-Батыш Тянь-Шань провинциясына Батыш Тянь-Шань кирип, Фергана ж-а ичке тилке шыбактуу ж-а баялыштуу чөлдөр, о. эле жаздык сымал тикендүү өсүмдүктөр бара-бара тоют аюу чачы, Фергана чайыры, кан токтоткуч кызыл от, буудайык, эремурус, карындыз ж. б. өсүүчү талааларга өтөт. Провинцияда грек жаңгагы, жапайы алма, алмурут, карагат, чие, кара өрүк, аса-муса, жыттуу ак гүлдөр (кара март) аралаш өскөн жаңгак токою, о. эле зарандуу ж-а көк карагайлуу токой да кеңири таралган. Провинцияда ак сокголуу, жылгандуу, брахиподиумдуу ж. б. бийик чөптүү шалбаа, каз таландуу субальп, Памир-Алай доңуз сырттуу альп шалбаалары көп жолугат. Алдыцкы ж-а борб. азиялык флора элементтери басымдуулук кылат.

Түркстан-Алай провинциясына Алай кырка тоолору кирип, ага шыбактуу, баялыштуу чөл, буудайыктуу талаа, түрдүү арчалуу токой, шимүүрлүү субальп ж-а доңуз сырттуу, тогуз төбөлдүү альп шалбаалары мүнөздүү. Провинцияда алдыцкы азиялык, туран, жер ортолук деңиздик флора элементтери кездешет.

А. Г. Головкова

ЖАНЫБАРЛАРЫ

Кыргызстандын фаунасына омурткалуулардын 500дөн ашуун түрү кирет. Омурткасыз жаныбарлардын фаунасы азырынча жетиштүү деңгээлде изилдене элек; акыркы маалыматтар б-ча респ-када курт-кумурскалар м-н кенелердин гана 3171 түрү жашайт.

Курт-кумурскалар. Кыргызстандын энтомофаунасына нйнеликтердин 60тай, Шитников канталасынын 100, кынчуурлардын 6, чырылдактардын 250, өсүмдүк битгеринин 140, трипстердин 120, кумурскалардын 86, эбелек муруттуулардын 163, кычы коңуздардын 27, сасык коңуздардын 178, тырсылдактардын 75, теричилердин 15, жалбыракчылардын 350, дан коңуздарынын 40, шиш тумшуктардын 73, майда коңуздардын 31, чаңча жегичтердин 20, таарыгычтардын 150, аарылардын 33, чырылдак чымындардын 200дөн ашуун, шайтан көпөлөктөрдүн 27, көкшеллиндердин 40, копшиддердин 38, күндүзгү көпөлөктөрдүн 86, жөргөмүштөрдүн 140, төрт буттуу кенелердин 56 түрү кирет. Айрыкча муунак

буттууларды баса көрсөтүп кетүүгө туура келет, антпесе алар кан соргуч келип, адамдардын ж-а жаныбарлардын арасында түрдүү ооруларды таратуучулар болуп эсептелет. Аларга кенелердин 28, аргастардын 7, гамаз сымал кенелердин 180, котур таратуучулардын 3, тромбикулиддердин 19, биттердин 12, кылчылардын 5, тыбытчылардын 115, бүргөлөрдүн 110, чиркейлердин 28, желимчилердин 12, кара чиркейлердин 21, эшек курттардын 25, чымындардын 56, көгөндөрдүн 28, сайгактардын 11, канталалардын 1, кан соргуч чымындардын 5 түрү кирет.

Мөмө-жемиш бактарынын, токойлордун, а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтеринин биологиясын ж-а экологиясын изилдеп, респ-канын энтомологдору аларга каршы күрөштүн интеграциялык ыкмаларын иштеп чыгып, химиялык заттарды колдонууну азайтууга ж-а агротехникалык, биологиялык чараларга чоң көңүл бурууда.

Балыктар. Кыргызстанда балыктын (климатташтырылган түрлөрү м-н бирге) 49 түрү бар. Алардын ичинен кацылтырлар басымдуулук кылат. Балык кармоо промысели Ысык-Көлдө гана өнүккөн. Көлдүн негизги промыселдик балыктары — май чабак (жалпы уулоонун 90%ин түзөт), чабак, көк чаар, жылтыр, сазан. Акыркы жылдарда балык уулоо промысели кескин төмөндөп бара жатат. Бул балыктардан тышкары Ысык-Көлдө промыселдик мааниге ээ болбогон ит мурун, күмүш чабак, ит чабак сыяктуу балыктар да бар. Ысык-Көлдүн жерг. балыктарынын арасында жырткыч балыктардын жоктугунан алар көбөйүп кеткен. Бул майда балыктардын эсебинен Ысык-Көлдүн биомассасын жогорулатуу максатында өлкөнүн түрдүү жерлеринен судак, севан форели, о. эле лещь, кацылтыр, линь, таман балык, сиг балыктары алынып келинген. Алардын ичинен форель м-н судак климаттык шартка жакшы ыңгайлашып, промыселдик мааниге ээ боло баштады. Байырлаштырылган балыктардын ичинен судактын промыселдик мааниси өтө чоң, ихтиологдордун айтуусу б-ча келечекте Ысык-Көлдүн негизги промыселдик продукциясы болуп калышы ыктымал. Промыселдик баалуу балыктардын (форель, алабуга) санын көбөйтүү максатында Тоң (1964) ж-а Каракол (1969) балык з-ддору уюштурулган. Баалуу промыселдик балыктардын түрлөрү респ-канын башка бийик тоолуу көлдөрүнө (Соңкөл), суу сактагычтарына (Орто-Токой, Токтогул ж. б.) да көб берилүүдө. Балык өстүрүүчүлүк респ-канын түштүгүндө (Өзгөн) ж-а Чүй өрөөнүндө да өнүккөн. Майда көлмөлөрдөн, суулуу эски пуктардан, кара суулардан ж-а агын суулардан, айрыкча Чүй суусунун жайылмаларынан сазан, кызыл канат түрпү, чортон, жылтыр, көкчаар, жаян, ит мурут, тянь-шань алабугасы сыяктуу балыктардын түрлөрүн кезиктирүүгө болот. Алар м-н бирге бардык жерде азык болуучу майда балыктар көпө жашайт.

Жерде-сууда жашоочулар (амфибиялар). Кыргызстанда амфибиялардын 3 түрү жашайт: жөнөкөй курбака, сибирь ж-а көл бакалары. Респ-канын аймагында жөнөкөй курбакалардын эки формасы бар; бири түздүктө (Чүй өрөөнүндө) кезигип, хромосома жыйындысында 22 хромосомасы бар; экинчи формасы тоолуу жерлерде (Ысык-Көл ойдуңунда, Тянь-Шанда) кездешет ж-а хромосома жыйындысында эки эселенген, б. а. 44 хромосомасы болот. Жөнөкөй курбака бардык жерлерде, о. эле 3500 *м* бийиктеги сырттарда да кезигет. Сибирь ж-а көл бакалары Чүй, Кочкор өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда ж-а респ-канын түштүгүндө таралган. Сибирь бакасын деңиз деңгээлинен 3000 *м*, көл бакасын деңиз деңгээлинен 2300 *м* бийиктикке чейин жолуктурууга болот. Түрдүү бийиктикте жашаган бакалар бири биринен салмагы, көлөмү ж-а экология-генетикалык өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Амфибиялардын бийик жерлерге топтолушу булак сууларга байланыштуу. Алар кыштаган булактар толук тоңбойт. Ошондуктан бийик тоолуу жерде курбакалар чоң колонияларга топтолушуп, булактарда кышташат. Түздүктөрдө болсо (Чүй өрөөнүндө) курбакалар ийиндерде, үйлөрдүн подвалдарында, жер кенелерде ж. б. жабык жерлерде кыштайт. Жерде-сууда жашоочулардын эл чарбасында мааниси өтө чоң. Алар мөмө-жемиш ж-а дан өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери, о. эле оору таратуучулар — чиркейлер, желимчилер, сайгактар ж. б. м-н азыктанышат. Амфибиялар ж-а алардын көнөк баштары балыктарга ж-а саздасууда жашоочу канаттууларга азык болушат. Жерде-сууда жашоочулардын өкүлдөрү, айрыкча көл бакалары эзелтен бери биологияда ж-а медицинада тажрыйба жасоочу жаныбар катары колдонулуп келген.

Сойлоочулар (рептилиялар). Респ-канын аймагында сойлоочулардын 25 түрү жашайт. Алардын айрымдары 500 *м*ден жогору бийикте кездешпейт, мис., тордомо жумуру баштар. Бийик эмес ысык чөлдө ж-а жарым чөлдөрдө жашоочулар талаа таш бакасы, фергана агамасы, такыр жумуру башы, чыгыш ороомо жыланы, кызыл жон ж-а чаар сойлоктор, боз эчки эмээрлер 1200 *м* бийиктен жогору чыгышпайт. Булар м-н бирге түздүктөн (500 *м*) тартып бийик тоолуу сырттарда (3500 *м*) жашоочу космополиттер (палас калкан тумшугу, суу жылан, наардуу даракчы сойлок, күлүк кескек, ок жылан, талаа кара чаар жыланы, сур геккон, сары жылан, ала-була кескек, чөл ж-а алай кара кескелдириги) кезигет. Алардын бийик тоолуу (1000—3500 *м*) шарттарда жашоочу түрлөрү (Никольский ж-а коз темгил кескектер, гималай агамасы, шамдагай кескелдирик, карелин сойлогу) да кезигет. Сойлоочулардын практикалык мааниси чоң.

Сойлоочулар айыл чарба зыянкечтери, оору таратуучулар м-н азыктанышып, чоң пайда келтирет; өздөрү да айрым промыселдик мааниси бар жаныбарлар үчүн азык болушат. Алардын уусу медицина ө. ж-нда колдонулат. Акыркы жылдарда Кыргызстанда чөл ж-а жарым чөлдөрдү көп өздөштүрүүнүн натыйжасында сойлоочулардын саны азаюуда.

Канаттуулар. Кыргызстанда куштардын 335 түрү, б. а. Советтер Союзунда белгилүү түрлөрүнүн теңине жакыны жашайт. Алар (айрыкча таранчы сымалдардын 144 түрү) а. ч-сына зыян келтирүүчү курт-кумурска ж-а майда омурткасыздарды жок кылууда чоң роль ойнойт. Сарылар, үкүлөр, күйкөлөр ж. б. жырткыч канаттуулар а. ч. зыянкечтерин ж-а оору таратуучу көптөгөн кемирүүчүлөрдү жок кылышат. Жорулар ж-а кузгундар болсо тарп жеп, жаратылыш санитарынын милдетин аткарышат. Кыргызстанда сейрек кезигүүчү куштардан болуп кара кур саналат. Ал негизинен Ысык-Көл ж-а Кемин аймактарынын карагайлуу токойлорун мекендейт. Респ-канын башка райондорунда анын кезиккпегендигинин себептери ушул күнгө чейин белгисиз. Кара курлардын саны аз болгондугуна байланыштуу промыселдик мааниси жок. Жарым чөл ж-а чөлгө мүнөздүү куштар — тоодак, жорго тоодак, безбелдек, булдурук, кара боор ж. б. Алардын саны жылдан жылга азаюуда. Бийик тоолуу көлдөрдө (Ысык-Көл, Соңкөл, Чатыр-Көл) жылдын түрдүү мезгилинде соно (кайырма), боз өрдөк, кыл куйрук, боз каз, мацка каз ж. б. уялашат ж-а промыселдик мааниге ээ. Ысык-Көлдө уникалдуу куштар — мала ж-а тармал бир казандар, ышылдак куу, куркулдак куу ж-а боз каздар кыштайт.

Кыргыз эли эзелтен бүркүт, карчыга, шумкар, ителги ж. б. алгыр куштарды баалашкан. Аларды таптап, түрдүү жаныбарларга (түлкүгө, коёнго, кыргоолго, өрдөккө, кекиликке) аңчылык кылышкан. Айрым бүркүтчүлөр мамлекетке көптөгөн түлкү терисин тапшырышат. Алгыр куштардын жардамы м-н спорттук аңчылыкка кызыгуу жогорулоодо, бирок жылдан жылга бүркүттөрдүн, шумкарлардын саны кескин азайып баратат. Алардын санын сактап калуу ж-а көбөйтүү максатында 1979-ж. Ысык-Көлдө алгыр куштардын питомниги уюштурулган (О. Азияда биринчи).

Кыргызстандын промыселдик маанидеги канаттуулары — кыргоол, улар, бодоно, кекилик, чил, өрдөк ж. б. Алар спорттук аңчылыктын негизги объектиси болуп саналат. Кыргызстанда уялаган мацка каз, тоодак, безбелдек ж. б. канаттуулардын санынын азайышы тынчсызданууну туудурууда. Ал эми тоодак м-н безбелдек такыр жок болуу алдында турат.


Сүт эмүүчүлөр. Кыргызстанда сүт эмүүчүлөрдүн 83 түрү жашап, аларга негизинен курт-кумурска жегичтердин 5, жарганаттардын 16, коён сымалдардын 4, жырткычтардын 22, кемирүүчүлөрдүн 28, жуп туяктуулардын 6 түрү кирет. Кыргызстандын уникалдуу жаныбарлары — марал, аркар, күрөң аюу. Алар негизинен Тянь-Шандын карагай токойлорунда ж-а бийик тоолуу өрөөндөрүндө (Арпа, Ак-Сай, Суусамыр) кезигет. Ал жаныбарларга ыксыз аңчылык кылуунун негизинде көп райондордо жокко эсе, ошондуктан алар Кызыл китепке катталган. Изилдөөчүлөрдү үңкүрдө жашоочу жарганаттар өзгөчө кызыктырат. Мындан бир топ жыл мурун кидик жарганаттардын, тик кулак жарганаттардын, саргыч жарганаттардын колонияларындагы особ-дордун саны миңге жетсе, азыр айрым үңкүрлөрдө колониялар жокко эсе. Жарганаттар негизинен мөмөлүү бак даракка бай келген респ-канын түштүгүндө көп кезигет. Кан соргучтар м-н азыктанып, алардын санын жөнгө салып турат.

Тянь-Шандын табигый байлыктарынын бири болуп кызыл, боз ж-а Мензбир суурлары саналат. Боз суур негизинен респ-канын түндүгүндө, кызыл суур түштүктө таралган. Тянь-Шандын реликти болгон Мензбир суурун Чаткал кырка тоолорунда жолугат. Респ-када кеңири таралган жырткычтар — карышкыр, түлкү, кашкулак, арыс, арыс чычкан ж. б. жаныбарлар бардык кырка тоолордо ж-а өрөөндөрдө жолугат. Аң терилерди даярдоодо суур, түлкү, тыйын чычкан, ондатра ж-а кадимки суусар басымдуулук кылат. Кызыл китепке катталган баалуу терилүү илбирс, сүлөөсүн да жолугат. Промыселдик мааниси бар жаныбарлардан теке, доңуз (каман), эликтердин саны көбүрөөк. Жаңы жерларди өздөштүрүүдөн улам аң терилерди даярдоо көлөмү төмөндөөдө. Мис., сары чычкандардын, суурлардын ж-а промыселдик жаныбарларга азык болуучу кемирүүчүлөрдүн жашоо ареалы азаюуда; көлмөлөрдүн жээктериндеги чөптөрдү чабуу ж-а мал жаюуга байланыштуу ондатранын тоют базасы да кескин төмөндөөдө. Аң терилерди даярдоонун көлөмүн жогорулатуу максатында



Сары-Челек коругу.

Кыргыз керек-жарак союзу жаныбарларды байырлаштыруу б-ча иштер жүргүзүү. Башка жерлерден алынып келинген жаныбарлардын 10 түрүнөн (ак коён, ондатра, тыйын чычкан, жанат сымал ит, суу жанаты, кызыл күсөн, америка суу күсөнү, сасык кашкулак, элик-багыш, зубр) бир гана ондатра жакшы байырлан-



1



2

1. Тоо теке. 2. Элик.

ды. Божомолдоолор б-ча тыйын чычкан м-н суу күсөн (норка) да байырлануусу ыктымал. Илбээсин чарбачылыгын капаста өстүрүү перспективалуу болуп жатат. Капаста багылган суу күсөнүнөн, ак ж-а кара түлкүлөрдөн алынган киреше жапайы айбанаттардан алынганга караганда алда канча жогору. Жаңыбарлардын сан жагынан өсүшүн изилдөөлөр көрсөткөндөй тоо арасындагы өрөөндөрдү өздөштүрүү, элдүү пункттардын ж-а ө. ж. ишканаларынын өсүшү жаныбарлардын санын азайтып, натыйжада айрым түрлөрдүн популяциясы кичирейип же такыр жоголууда. Жаңы жерлерди өздөштүрүү, сугаруу көнтөгөн чөл-талаа жаныбарларынын санына терс таасирин тийгизүүдө (сары чычкан, секиргич көш аяк, кулактуу кирпи, кум чычкандар, момолойлор, чоң ж-а кидик көш аяк, талаа ж-а токой чычкандары ж. б.). Чүй өрөөнүндө секиргич көш аяк ж-а кызыл куйрук кум чычкандар жок болуп, ал эми кулактуу кирпи, токой чычканы, кадимки момолой, чоң ж-а кидик көш аяк ж. б. жок болуу алдында турат. Жаңы жерлерди өздөштүрүп, а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүү тескерисинче, айрым түрлөрдүн (сур майда аламан, үй чычканы) мол азыктын эсебинен ыгы жок көбөйүүсүнө шарт түзүүдө.

Жаратылыштын табигый процесстери (тоолордун пайда болушу, муз каптоо ж. б. өзгөрүүлөр), о. эле дың жерлерди өздөштүрүүнүн негизинде жаныбарлар обочолонуп, алардын жашоо тиричилиги төмөндөп кетти. Мис., мурун жейрендин ареалы абдан кенен болгон. Тоо пайда болуу процессинин натыйжасында ареал бөлүнүп кеткен. Бирок мындан бир топ жыл мурда аларды Ысык-Көлдүн батышынан, Чүй, Кочкор өрөөндөрүнөн, Боом капчыгайынан жолуктурууга мүмкүн эле. Алардын популяциясы Казакстандын аймагындагы бул түрдүн негизги ареалы м-н кошулуп кеткен. Жейрендердин негизги ареалы м-н азыркы жашап жаткан жерлеринин ортосунда элдүү пункттар пайда болуп, жаңы жерлер өздөштүрүлүп, Кыргызстандын тоолуу райондорунун жаныбарлары өздөрүнүн мурунку жашаган жеринен бөлүнүп калган. Бөлүнүү (обочолонуу) 60 жылдан ашуун убакытка созулган. Анын үстүнө бул жаныбар уруксатсыз аңчылар тарабынан обу жок кырылууга учурап кеткен. Булардын баары алардын санынын кескин төмөндөөсүнө алып келди.

Зоогеографиялык райондоштуруу. Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларынын калыптанышы өтө таатаал. Мис., респ-канын ихтиофаунасы негизинен кацылтырлар тукумуна кирүүчү алабуга, жылтыр, о. эле ит чабактар Борб. Азия м-н Жер Ортолук деңиздеги балыктардын түрлөрүнөн калыптанган. Тоо пайда болуу процессинде жерг. балыктардын (аборигендердин) арасында түр ичинде олуттуу дифференциация жүрүп, түз-

дүкто ж-а тоодо жашоочу популяциялар пайда болгон. Алар морфофизиологиялык ж-а генетикалык жактардан айырмаланып турушат. Кыргызстанда жерде-сууда жашоочулардын Жер Ортолук дениз, Европа, Алдыңкы ж-а Борб. Азияга мүнөздүү түрлөрү жашайт. Респ-канын герпетофаунасынын пайда болушу түрдүүчө. Ал негизинен Чыгыш Азиянын (наардуу сойлок), Борб. Азиянын (көз темгил кескек), Түш. Азиянын (палас калкан тумшугу), О. Азиянын (талаа таш бакасы, чыгыш ороомо жыланы, күлүк ж-а ала-була кескектер, ок жылан, чөл жайдак көзү, талаа агамасы, такыр ж-а тордомо жумуру башы, жылаң бут сур геккон ж. б.), Алдыңкы Азиянын (боз эмзем, чаар ж-а кызыл жон сойлок), Жер Ортолук дениздин (сары жылан, суу жылан) ж-а Европанын (шамдагай кескелдирик, талаа кара чаар жыланы) сойлоочуларынан калыптанган. Тянь-Шань ж-а Памир-Алайдын эндемиктеринин катарына алай жайдак көзү, Никольский кескеги, түркстан агамасы кирет.

Тянь-Шань орнитофаунасы негизинен Борб., Алдыңкы, Орто ж-а Түш. Азияга, о. эле Европага мүнөздүү куштардын түрлөрүнөн калыптанган. Кыргызстандын тоолуу шартына байланыштуу эволюция процессинде куштар тоолуу ж-а өрөөндүү түрлөргө бөлүнгөн. Канаттуулардын бир эле түрү ар кандай бийикте жашап, ошол жашоо шартына ыңгайлашкан. Кыргызстанда тоо канаттууларынын 55тен ашуун түрү бар. Алардын арасынан, борб. азиялык канаттууларды жолуктурууга болот. Куштардын көпчүлүгү түшкү теги б-ча Түш. палеарктикалык канаттууларга таандык болуп, Борб., Алдыңкы ж-а О. Азияда, Түш. Европада, Түп. Америкада кезигет (тарчы, сакалдуу тазкара, жорулар, ак кажыр, чоко таан, кекилик, кара карлыгач, тоо мукуру, корум таранчысы, көк соору таркылдак, кызыл канат шиш тумшук ж. б.). О. Азиянын эндемиктеринде гималай улары, мала ожеке бээ саа, Стюарт думбулу, индия мыймыты, кызыл жон кош куйрук ж. б. кирет. Батыш палеарктикага таандык куштар (булдурук ж-а кара боор) Ички Тянь-Шандын чөлдөрүндө жашап, уялашат.

Түш. палеарктикалык куштарынын өкүлдөрү Кыргызстандын бардык райондорунда жолугат. Алдыңкы, Борб. ж-а Түш. Азиядан тараган түрлөр — кулаалы, сур көгүчкөн, кара чакчыгай, чил, узун куйрук, суу бүркүтү, торгойлор ж. б. Ал эми безбелдек м-н чыкылдак кендирчилер европалык түргө кирет. Түш. ж-а Борб. палеарктикалык түрлөргө жагалмай, турумтай, кыргый, сарылар, күкүк, кулактуу үкү, үч тырмактуу тоңкулдак, боз каз, кайырма, арам өрдөктөр, кызыл моюн чумкуур ж. б. таандык. Түш. палеарктикалык түрлөр — кара айры куйрук, кидик бүркүт, балта тумшук, кадимки кашка чымчык, жылаңчы, кадимки куркулдай, кара куш, кадимки бактек ж. б. Бабырган, ак канаттуу тоңкулдак, чөл мукуру, кызыл моюн кашка чымчык, чүйлү, узун куйрук чымынчы ж. б. Орто, Борб. ж-а Түш. Азияга мүнөздүү. Европа ж-а Сибирь түрлөрү — токой көгүчкөнү, алагүү, барпы, чыйырчык, өрсынар, кара кур, чар карга, ири ала тоңкулдак, таңчы мыймыт ж. б. Бийик тоолуу палеарктика орнитофаунасы негизинен Борб. ж-а О. Азиянын бийик тоолорунда калыптанган. Бийик тоого мүнөздүү орнитофауна муз доорунан мурда пайда болгондугу божомолдонот. Тоо кыркаларын муз толук каптабай, кээ бир ачык жерлер— «аралчалар» калып, ал жерде куштардын ар кандай түрлөрүнүн популяциясы бийик тоонун төмөнкү температурасына ыңгайланышкан болуу керек. Ошого байланыштуу бир түрдүн бийик тоодо ж-а түздүктө



Тянь-Шань кекиликтери.

жашоочу популяциясы калыптанган. Алар жумурткаларынын азык заттары, өнүгүү-өсүү мөөнөтү, температуралык режими б-ча айырмаланат.

Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрү негизинен алдыңкы азия, туран, казакстан ж-а жерг. тянь-шань эндемиктеринен ж-а реликттеринен турат. Тянь-Шань тоо кыркаларынын омурткалуу жаныбарларынын таралышына карата Чыгыш Тянь-Шань ж-а Батыш Тянь-Шань зоогеографиялык участкасына бөлүүгө болот.

Чыгыш Тянь-Шань участкасы Ички ж-а Борб. Тянь-Шандын басымдуу бөлүгүн камтыйт. Ал жерлерге тянь-шань токой момолою, тянь-шань чычканчасы, боз суур, реликт сары чычканы мүнөздүү. Алар негизинен мезофилдүү тоолуу токойлордо ж-а шалбааларда жашап, чыгыштан батышты карай тараган. Кызыл суур, чүткөр, кадимки келес өндүү жаныбарлар Батыш Тянь-Шань м-н Памир-Алайдан таралып, кызыл суур болсо Арпа ж-а Ак-Сай өрөөндөрүнө чейин жеткен. Бул участка Чатыр-Көл ж-а Ысык-Көл (Ысык-Көлдүн батышы кошулбайт) участкачаларына бөлүнөт. Чатыр-Көл участкачасы дениз деңгээлинен 2 300—3 700 *м* бийикте жайгашкандыктан климаттык шарты аябай катаал. Ал жерде кызыл карышкыр, секиргич көш аяк, тоо теке ж. б. жашайт. Ысык-Көл участкачасына Ысык-Көлдүн бир топ бөлүгү ж-а Кыргызстандын түп. райондорунун көбү кирет. Анда тянь-шань токой момолою, тянь-шань чычканчасы, реликт сары чычканы көп жолугат. Ысык-Көлдүн батышында, Кочкор өрөөнүндө ж-а Боом капчыгайындагы шагыл-ташту чөл ж-а жарым чөлдөрдө кызыл куйрук кум чычкан, секиргич көш аяк, жейрен, кулактуу кирпилер жашап, алар Кыргызстандын аймагына Казакстандан Чүй суусунун өрөөнү м-н келген.

Батыш Тянь-Шань участкасына Кыргыз тоо кыркасынын батыш бөлүгү, Кара-Тоо, Талас, Чаткал, Сандалаш, Пскем, Угам кырка тоолору, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталдары, Алай, Түркстан тоо кыркаларынын түн. капталдары кирет. Ал участкада кызыл суур, чүткөр, кадимки келес, о. эле эндемик түрлөр — Менабир сууру, реликт сары чычканы ж-а токой момолою жолугат. Тянь-Шань ж-а анын кай бир райондорунун жаныбарлар дүйнөсүнө омурткалуулардын түрдүү фауналык комплекстери мүнөздүү. Бул жаныбарлардын карым-катнаштары капчыгай, колоттор аркылуу жүрөт. Жаныбарлар дүйнөсүн сактоо ж-а көбөйтүүдө суу ж-а жер экосистемасынын кунардуулугун жогорулатууга таасир этүү, пайдалуу жаныбарлардын түрлөрүн сактап калуу ж-а алардын биомассасын жогорулатуу үчүн корук ж-а заказниктерди уюштуруу, биотехникалык комплекстердин чараларын иштеп чыгуу милдети турат.

А. Токтосунов

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СЕЙРЕК ЖАНА ЖОК БОЛУП БАРАТКАН ЖАНЫБАРЛАР МЕНЕН ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ТҮРЛӨРҮ

Кыргызстандын аймагындагы сейрек кезигүүчү ж-а жок болуп бараткан жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн түрлөрү мамл. коргоого алынган. Алардын бир тобу Табияттыж-а табигый ресурстарды коргоонун эл аралык союзунун Кызыл китебине, СССРдин Кызыл китебине ж-а Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталган.



Жаныбарлар дүйнөсү. 1. Аркар; 2. Сүлөөсүн; 3. Тоо теке; 4. Илбирс; 5. Арыс чычкан; 6. Кадимки суусар; 7. Жейрен; 8. Элик; 9. Бугу; 10. Күндуз; 11. Кара кескелдирик; 12. Шамдагай кескелдирик; 13. Наардуу сойлок; 14. Талаа кара чаар жыланы; 15. Чыгыш ороомо жыланы; 16. Паллас калкан тумшугу; 17. Ок жылан; 18. Эчки эмээр; 19. Талаа таш бакасы; 20. Сары жылан; 21. Көл бака; 22. Жөнөкөй курбака; 23. Сибирь бакасы; 24. Көк чаар; 25. Тянь-Шань ала-бугасы; 26. Түркстан жаяны; 27. Ысык-Көл чабагы; 28. Май чабак; 29. Сазан; 30. Маринка; 31. Севан форели; 32. Пелядь; 33. Судак.



Жаныбарлар дүйнөсү. 1. Боз каз; 2. Куркулдак куу; 3. Бүркүт; 4. Маңка каз; 5. Кекилик; 6. Каракур; 7. Кызыл канат шиш тумшук; 8. Ителги; 9. Карчыга; 10. Саз булбулу; 11. Кыргоол; 12. Көк кытан; 13. Үч тырмактуу тоңкулдак; 14. Үрпөк чымчык; 15. Карагайчы кайчы тумшук; 16. Көк көгүчкөн; 17. Мала биргазан; 18. Кара карлыгач; 19. Көгүш чабакчы чымчык; 20. Ири арам өрдөк; 21. Сары үкү; 22. Күмүш чардак; 23. Кызыл тумшук чөкө таан; 24. Байкуш; 25. Кызыл канат фламинго.

ТКЭСтин кызыл китеби. 1948-ж. ЮНЕСКОнун колдоосунда Табиятты ж-а табигый ресурстарды коргоонун эл аралык союзу уюшулган. ТКЭС «Улуттук паркталдын жана дүйнөнүн аналогиялуу резерваттарынын тизмесин» (1967), Эл аралык табиятты коргоо союзунун Кызыл китебин (1966) чыгарган. Китепте дүйнөдөгү сейрек кездешүүчү жаныбарлар м-н өсүмдүк түрлөрүнүн таралышы, саны, биологиясы ж-а аларды коргоо чаралары ж-дө кыскача маалыматтар берилген. Кыргызстандын жаныбарлары м-н өсүмдүктөрүнүн бардык түрүнөн ТКЭСтин Кызыл китебине төмөнкүлөр катталган:

Сүт эмүүчүлөр

Жейрен	Кызыл карышкыр
Илбирс	Мензбир сууру
Сойлоочулар—	Боз эчки эмээр

СССРдин Кызыл китеби. 1978-ж. Москвада СССРдеги сейрек кездешүүчү ж-а жок болуу коркунучундагы флора м-н фаунанын өкүлдөрүнө арналган СССРдин Кызыл китебинин 1-басылышы чыккан. Кыргызстандын жаныбарлары м-н өсүмдүктөрүнүн бардык түрүнөн СССРдин Кызыл китебине төмөнкүлөр катталган:

Сүт эмүүчүлөр

Аркар	Мензбир сууру
Жейрен	Орто азия кундузу
Илбирс	Тянь-шань күрөң аюусу
Кош эрин жарганат	Түркстан сүлөөсүнү
Кызыл карышкыр	Чаар күсөн
Манул	
Сойлоочулар	Боз эчки эмээр

Канаттуулар

Ак кажыр	Кара куш
Ак төш көгүчкөн	Кара шакылдак
Балта жутар	Маңка каз
Бүркүт	Орок тумшук чулдук
Жыланчы куш	Суу бүркүт
Ителги	Тоодак
Кара купаз	Чөл шумкары

Өсүмдүктөр

Грейг мандалагы	Искем пиязы
Евгения примуласы	Семёнов кок карагайы
Кадимки анар	Түркстан козополяпскиясы
Кауфман мандалагы	Узун жалбырактуу цефалантера
Корольков шалфейи	Укмуштуу шилби
Олуя-ата трихантемиси	Шренк табылгы гүлү
Ольга четиндиги	Шакафтар ламиропаппусу
Орто азия алмуруту	

Кыргыз ССРинин Кызыл китеби. Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1976-ж. 10-майдагы токтому б-ча Кыргыз ССРинин Кызыл китеби түзүлүп, Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1981-ж. 13-апрелдеги токтому б-ча Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталуучу жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн тизмеси бекитилген.

Сүт эмүүчүлөр

Аркар	Манул
Жейрен	Марал
Илбирс	Мензбир сууру
Кидик така тумшук жарганат	Орто азия кундузу
Кош эрин жарганат	Түркстан сүлөөсүнү
Кызыл карышкыр	Тянь-шань күрөң аюусу
	Чаар күсөн

Сойлоочулар

Боз эчки эмээр	Кызыл жоп сойлок
Карелин сойлогу	
Балыктар	Түркстан жалпы

Курт-кумурскалар

Кыттуу корком дуулдак	Сарала калдыркан
Кадимки мом сымал	Чөптөй жашыл коло сымал
Регель түктүү саратаны	

Канаттуулар

Ак кажыр	Кара кур
Ак купаз	Кара куш
Ак төш көгүчкөн	Кара шакылдак
Балта жутар	Каркыра
Бейиш чымпчысы	Куркулдак куу
Булдурук	Маңка каз
Бүркүт	Орок тумшук чулдук
Жыланчы куш	Суу бүркүт
Ителги	Тоодак
Кара купаз	Чөл шумкары

Өсүмдүктөр

Айыр	Непетадай скутеллярия
Алай искандерасы	Никитина отостегиясы
Алай ыйлаакчасы	Нык тоо таман
Апжир	Олуя-ата рапонтикуму
Андрахнадай скутеллярия	Олуя-ата трихантемиси
Бийик карындыз	Ольга инкарвиллеясы
Болук жалбырактуу чөл шимүүрү	Ольга четиндиги
	Оролгон соссюрея
Введенский шалфейи	Орто азия алмуруту
Грейг мандалагы	Островский мандалагы
Гриффит софорасы	Перс четини
Евгения примуласы	Петунников бадамы
Жалтырак мандалак	Прупафлатуния
Зинанда мандалагы	Пскем пиязы
Ири чойчокчолуу примула	Регель тамыр күчаласы
Кадимки анар	Сары трихантемис
Кашкар бөрү карагаты	Семёнов кок карагайы
Кашкар жуп жалбыракчан	Тектеш мандалак
Кауфман мандалагы	Тик осуучу мандалак
Кидик аммопиптант	Түктүү чеснөөлла
Колпаковский мандалагы	Түркстан козополяпскиясы
Колпаковский четиндиги	Түркстан четини
Комаров лепидолофасы	Тянь-шань сибирчиси
Корольков шалфейи	Узун-акмат жузгуну
Коржинский алмуруту	Узун-акмат жүзүмү
Костычев кундуз гүлү	Узун жалбырактуу цефалантера
Кнорринг долоносу	Укмуштуу шилби
Кыска канаттуу ак барсылдак	Учсуз жалбырактуу анемона
Кыргыз тыйынчанагы	Чатырлуу тяпышапочка
Кыйшайган корум гүл	Шакафтар ламиропаппусу
Мала кызыл мандалак	Шепников отостегиясы
Момосу түктүү тыйынчанак	Шренк табылгы гүлү
Недзвецкий алмасы	Янчевский карагаты

Китепте сүт эмүүчүлөрдүн 13, сойлоочулардын 3, балыктын 1, курт-кумурсканын 5, канаттуулардын 20 түрү ж-а түрчөсү, өсүмдүктөрдүн 65 түрүнүн ареалдарынын абалы, саны, биологиясы, о. эле аларды коргоо б-ча кабыл алынган ж-а зарыл чаралар ж-дө маалыматтар келтирилген.

ЛАНДШАФТТАРЫ

Кыргызстандын деңиз деңгээлинен бир кыйла бийик жатышы, рельефинин ар түрдүүлүгү, бийиктик амплитудасынын чоңдугу (4—5 миң мге чейин), кырка тоолор м-н тоо аралык ороондордун ар кандай аралыкта кезектешип жатышы реси-канын ландшафтынын ото ар түрдүү ж-а дифференциацияланышынын татаал болушуна шарт түзөт. Ландшафттын бийиктик зоналуулугу даана байкалат. Анын структурасына тоолордун макроканталдарынын багыты, тоо аралык ороондордун таманынын бийик жайгашышы, кырка тоолордун салыштырмалуу бийиктиги, алардын кендик ж-а узундук багыттары чоң таасир тийгизет. Кендик зоналуулуктун таасиринен бийиктик зоналуулуктун төмөнкү алкактарында жарым чөл ж-а чөл ландшафттары пайда болгон. Кыргызстандын ландшафтынын бийиктик зоналуулугу структурасы б-ча СССРдеги зоналуулуктун кургак континенттик тибине кирет. Жалпысынан 7 бийиктик зонага болүнөт: тоо этеги-түздүк-

түү чөл, түздүк-тоо этегиндеги жарым чөл (айрым жерлеринде чөл ж-а талаа кездешет), тоо этеги-жапыз тоолуу кургак талаа ж-а талаа, орто бийиктеги тоотокой-шалбаалуу талаа, бийик тоолуу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа, бийик тоолуу сырт, гляциалдык-нивалдык. Чыпдыгында бийиктик зоналуулугунун структурасы татаал, анткени ото тилмелеген тоолуу рельефке байланыштуу ландшафттын бийиктик зоналары бири-бирине отүп, респ-канын ар кайсы болүктөрүндө озүнчө ар түрдүүлүктү пайда кылат.

Ээлеп турган абалына, деңиз деңгээлинен бийиктигине, климатынын ар түрдүүлүгүнө ж. б. жерг. факторлорго жараша ландшафттын бийиктик зоналуулугунун структурасы 6 типке ажыратылат: түн. тянь-шань, ички тянь-шань, ысык-көл, борб. тянь-шань, түш.-батыш тянь-шань, түркстан — алай. Респ-канын ландшафты тоо классына кирип, рельефтин ярустуулугуна жараша — тоо аралык-ороон, жапыз тоо, орто бийик тоо, бийик ж-а эң бийик тоо классчаларына болүнөт. Кыргызстандын материктин ортосунда жайгашкыны, О. Азия м-н Борб. Азиянын чөлдөрүнө чектештиги ландшафттын жалпы ариддүүлүгүнө ж-а каптал экспозицияларынын кескин айырмачылыктарына жараша анын ото ар түрдүү болушуна шарт түзөт. Ариддик шартта пайда болгон ландшафт (чөл, жарым чөл ж-а талаа) респ-канын аянтынын 35%ин, нымдуу шартта пайда болгону 27%ин ээлейт. Тоо капталдарынын ж-а тоо аралык ороондордун ландшафттары озгочо болүнүп турат. Тоо капталдарынын ландшафттарына тоо тектери жогору ийилип, капталдарында бузулуу процесстеринин өөрчүшү, түпкү тектердин жер бетине чыгып жатышы, инсоляцияга ж-а циркуляциялык экспозицияга байланыштуу ландшафтынын ар түрдүүлүгү, рельефинин татаалдыгы мүнөздүү. Тоо аралык ороондордун ландшафты негизинен тектоникалык ийилүүлөрдөгү аккумуляциялык калың катмарда түзүлүп, түрго салыштырмалуу жардылыгы ж-а оз ичинен көптөгөн майда болүкчөлөрго ажырашы м-н озгочолонот.

Тоо аралык ороондордун ландшафты каксоолугу м-н айырмаланат. Бийиктик абалына карабастан жылдык жаан-чачыны 400 *мм*ден ашпайт. Эң жапыз жаткан жарым туюк ороондордун (Чүй, Фергана, Талас) төмөнкү болүктөрүн чөл ж-а жарым чөлдүү талаа ээлеп, улам жогорулаган сайын талаа ландшафтына отот.



Фергана тоо тизмегинин этектеринде мүнөздүү ландшафт.

Ички Тянь-Шандын орто бийиктиктеги тоо ороондорүнүн тамандарын чөлдүү талаа ж-а талаа, бийик тоо ороондорүн талаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафттары ээлейт. Ыңгайлуу рельефтүү ж-а борпоң шиленди тектеринин калың катмарында түзүлгөн топурактуу, суу м-н камсыз болгон ороондордун (2500—2600 *м* бийиктикке чейинкилери) ландшафтын сугат жер катары пайдаланууга болот. Дыйканчылыкта оздөштүрүлгөн жер Көчкор ороонүндө 30%, Жумгалда 50%, Ат-Башыда 30%, Тогуз-Тородо 40%тейди түзөт. Чүй, Талас ороондорүнүн дыйканчылыкка жарамдуу жерлери ж-а Фергананын айланасы бүт маданий ландшафтка айландырылган. Дыйканчылык м-н багбанчылыкта оздөштүрүлгөн жерлер респ-канын аянтынын 7%ин ээлейт. Аларды пайдалануудагы негизги маселе — ирригациялык эрозия м-н топурактын экинчи туздануусуна (бул саздуу зонада ото коркунучтуу) жол бербоо.

Тоо капталдарынын ландшафты. Мында негизинен тоолуу талаа, тоолуу токой, тоолуу шалбаа ж-а тоо-аскалуу-нивалъ тибиндеги ландшафттар таралган. Тоолуу талаа ландшафты түрдүү бийиктикте, температурасы ото озгөрүлмөлүү шарттарда (июлдун орточо температурасы 20—22°Сден 10°Сге чейин) жатып, жайы кургакчыл, кышында дайым кар жатпайт.

Жапыз тоолуу талаа ландшафты 1000—1600 *м* абсолюттук бийиктиктеги тоо этектери м-н жапыз тоолорду камтыйт. Түрдүү формадагы эрозиялык-аккумуляциялык рельеф басымдуу; тоо беттери (тик капталдары да) түпкү тектерди лёсс сымал кумай топурактын калың катмары жаап жаткандыктан жылма. Неоген-антропогенде пайда болгон туздуу кумдук м-н конгломераттардын, айрым жерлерде түпкү тоо тектердин эрозиянын таасиринен ачылып калган жерлеринде бедленд тибиндеги ландшафт түзүлөт. Нымдануу режимине жараша дүңгөлүү талааның (түндүктөгү) жапыз тоолуу-талаа ландшафтына ж-а түштүктөгү саванна сымал талаа (Түш. Кыргызстанда басымдуу) ландшафтына болүнөт. Биринчисине жаз — жай мезгилдери жаанчыл болушу, көңүр ж-а кара топурагы, бетеге, тулаң, шыбак ж. б. осүмдүктөр, экинчисине жаан-чачындын кыш — жаз мезгилдеринде көп жаашы, боз-күрөң топурагы, түктүү буудайык, кызыл от, карандыз, чатыр гүлдүүлөр — чайыр чөп, аюу чач ж. б. осүмдүктөр мүнөздүү. Дарак-бадалдардан бадам, мисте кездешет. Жапыз тоолуу талаа ландшафттары бардык жерде жазгы, күзгү ж-а эрте жайкы жайыт катары пайдаланылат. Рельефи ыңгайлуу жерлерде кайрак айдалат. Бул ландшафттар мал жаюунун ж-а жер айдоонун натыйжасында эрозияга учураган. Ландшафттарды туура пайдалануууда негизинен мал жаюуну жонго салуу, бак-дарак отургузуу ж. б. чараларды жүргүзүү таланка кылайык.


Орто бийиктеги тоолуу талаа ландшафты бардык жерде — тоо капталдарынын түш. ж-а ага жакын экспозицияларында 1000—2200 *м* (2500 *м*) абсолюттук бийиктерде таралган. Бул ландшафтка түпкү тектердин үболонүшүнөн пайда болгон жука кыртыштуу тоо-көңүр топурагы (айрым жерлеринде түпкү тектер жер бетине чыгып жатат) ж-а түркүн чөп-бетегелүү, сулу, туландуу талаа мүнөздүү. Түш. Кыргызстанда осколоң аюу чачтуу талаа басымдуу. Дүңгөлүү талаа кой чарбасы үчүн кышкы жайыт катары пайдаланылат. Аюу чач оскон талаада кесек тоют даярдалат. Мында эрозия өөрчүгөн, ал малды ирээтсиз жаюудан ого бетер күчөөдө. Нымдын жетишсиздигинен бул аймакта токой-мелиорация иштери жүргүзүү ыңгайсыз.

Бийик тоолуу талаа субальп, тоо сулу, бетеге ж-а птилагростистүү альп талаа ландшафттарынан туруп, шалбаалуу талаа ж-а шалбаа м-н бирге тоолордун түш. капталдарынын айрым жеринде кездешет.

Тоолуу шалбаа (шалбаалуу талаа) ландшафты — жаан-чачын мол жааган тоо капталдарынын түн., батыш ж-а аларга жакынкы экспозицияларында деңиз деңгээлинен 1600—1800 *м*ден нивалдык зонага чейинки бийиктикте таралган.

Орто бийик тоодогу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафты июлдун орточо температурасы 15—20°С болгон аймактарда түзүлөт. Кышкысын тоо капталдарында дайыма кар жатат. Кар калың түшкөн жерлерде (Кыргыз, Тескей, Күнгөй Ала-Тоолорунда) осколоң шалбаа, кары жука жерлерде орточо осколоң шалбаа таралган; түпкү тектер жер бетине жакын жатып, тик капталдарында аска түрүндө чыгып жатат. Күңүрт түстүү каражкын ж-а шакарсыз кара топурактуу. Азыктуулугу жогору болгон осүмдүктөрдүн көпчүлүгүнүн составы көп доминанттуу. Суйдак дарак-бадал осүмдүктөрү кездешет. Орто бийик тоодогу шалбаа ландшафты бардык жерде жайкы жайыт катары пайдаланылат, ал эми рельефтин ыңгайлуу шарттарында чөп чабылат. Зыяндуу ж-а уу чөптөр басып кетпесин үчүн мал жаюуну жонго салуу талап кылынат.

Тоо-токой, токой-шалбаалуу талаа ландшафты Кыргызстандын аймагынын 5%ин гана ээлейт. Токой ландшафты түрдүү экологиялык шарттарда — мол жаан-чачындуу (1000 *мм*ге жакын) Фергананын түн.-чыгышынан Алай кырка тоосунун кургак



Тянь-Шань тоолорундагы токой массиви.

талаалуу түн. капталдарына чейин таралган. Негизинен орто бийиктеги тоолордо жайгашып, бирок таралуу чеги токойдун составы сыяктуу эле ар кайсы райондордо ар башка. Мис., Ысык-Көл ороонүндө токой 1800 (2000) — 3000 (3200) *м* бийиктикте осүп, тянь-шань карагайынан, Кыргыз Ала-Тоосундагы токой арча (1600—2000 *м*) м-н карагайдан (1600—3000 *м*), Фергана тоо тизмеги жаңгак-момо токоюнан (1000—2000 *м*) ж-а карагайдан турат. Түш. Кыргызстандын жаңгак-момо токою гана туташ массивди түзүп, рельефтин ар кандай элементтерин ж-а капталдардын түрдүү экспозицияларын ээлейт. Карагай токойлору ото тик, колоколуу (негизинен түн.) капталдарда осот. Жантайыңкы ж-а күнөстүү беттерде алар шалбаа ж-а талаа ландшафты м-н алмашат. Натыйжада татаал структуралуу токой-шалбаалуу талаа ландшафты пайда болот. Токой ландшафтынын суу м-н кыртышты сактоодо мааниси зор.

Субальп алкагындагы бийик тоолуу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафтары 2700—3000 *м* абсолюттук бийиктикте таралган. Адатта альп алкагына отүүчү ичке тилкени пайда кылып, жука катмардуу тоо-шалбаа каражкын, чымдуу ж-а гумуска (органикалык чириндиге) бай топурагы, орточо осколоң чоптору, көпчүлүк болүгүндө көп доминанттуу чөп осүмдүктөрү м-н мүнөздөлөт. Айрым жерлерде топ-топ болуп жапалак арча (түркстан ж-а чанда сибирь арчалары), Ички Тянь-Шанда жалдай тоо куйрук осот. Үболондү тектерден ж-а морена чөкмөлөрүнөн турат. Рельефинде ар кандай жантайыштагы капталдар м-н тепши сымал ороондор басымдуу. Бардык жеринде аска кезигет, бирок алардын аянты 5—10%тен ашпайт. Кышкысын такай калың кар жатат. Бул ландшафттар жайкы жайыт катары пайдаланылат.

Альп алкагындагы шалбаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафттары 3000—3300 *м*, айрым жерлеринде 3500—3600 *м* абсолюттук бийиктикте жатат; мында июлдун орточо температурасы 10°Сден төмөн. Жарым жылдан ашуун калың кар жатат; жайкысын жаан-чачын кар түрүндө гана түшөт. Көп жылдык тоң кеңири аянтты ээлейт. Жука кыртыштуу тоошалбаа топурагы 20—30 *см* терендикте түпкү тектердин шагылдуу делювийине же таштуу моренага отот. Чобу кыска, осүмдүктөр түрүнө жарды. Түн. Кыргызстан м-н Ички Тянь-Шанга доңуз сырттуу, флемистүү, тогуз төболдүү, Түш. Кыргызстанга флемистүү ж-а каз тамандуу шалбаа мүнөздүү. Альп шалбаасында аскалуу кырлар, шагыл, кардуу жерлер да кезигет. Альп шалбаасы көпчүлүк учурда төмөн сымал ороондордун тамаңы м-н капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн ээлейт. Жайкы жайыт катары пайдаланылат. Жайыт ыксыз пайдаланылгандыктан (айрыкча нымдуу топуракта) эрозияга көбүрөөк учураган. Мындагы криоген процесстери дыңдын бузулушуна, солифлюкцияга ж. б-га алып келет. Жайыт эрозиясы бул процесстерди күчөтүп, ландшафттын деградацияланышына комөкчү болушу ыктымал. Анткени кыртыш м-н осүмдүктөргө пайда болгон бузулуулар мында көп жылдарга чейин сакталууда.

Ландшафттын тоо-аска-нивалдык тиби 3200—3500 *м*ден жогорку бийиктиктерде таралып, респ-каның аянтынын 15%ин ээлейт. Июлдун орт. температурасы 0—5°С. Мында көптөгөн моңгулор м-н фирн талаалары жайгашкан; аскалуу кырларда топурак м-н осүмдүк болбойт, физикалык үболонүү ж-а катуу сууктан бузулуу процесстери өкүм сүрөт.

Сырт ландшафты. Бийик тоолуу талаа, чөлдүү талаа ж-а тундра тибиндеги ландшафттар мүнөздүү (Ички ж-а Борб. Тянь-Шань); айрым жерлеринде мореналуу рельеф сакталган аккумуляциялык түздүктөрдө 3000—3600 *м* абсолюттук бийиктикте пайда болот. Бул түздүктөр жумуру таштуу ж-а кумай топуракгуу катмарлар м-н капталган. Климатынын кургактыгы, температурасынын төмөндүгү ж-а үстүнкү кыртышынын суу өткөрүмдүүлүгүнүн начардыгы, топурактын, осүмдүктөрүнүн комплекстүүлүгүнө ж-а ал комплекстерде шор топурактын болушуна алып келет. Мында бийик тоо карбонаттуу шалбаалуу талаа топурагында туташ тилке болуп шыбак-бетегелүү, шыбак-бетеге-дан осүмдүктүү (птилагростис) талаа жайгашкан. Такыр ж-а шор топурактуу жерлер да кезигет. Бул ландшафттар кышкы жайыт катары пайдаланылат.

Бийик тоолуу суук чөл 3600—3900 *м* абсолюттук бийиктикте (Ички ж-а Борб. Тянь-Шанда) жайгашкан. Жаан-чачыны 200—300 *мм*, негизинен кар түрүндө жаайт; январдын орточо температурасы —21,2°С, июлдуку 4,7°С. Чөл ландшафты түболук тоңдун болушу, азыркы моңгулордун жакын жатышы, криогендик процесстердин кеңири өөрчүшү м-н озгочолонот. Бул ландшафттар сырт жалчаларынын, мореналуу деңсоолордун чокусу м-н капталдарын ээлейт. Чөлдүүлүк топурагынан, айрыкча осүмдүктөрүнүн озгочолүгүнөн көрүнөт. Такыр сымал карбонаттуу топурактын (айрым жерлеринде шор топурак да кездешет) комплекстеринде негизинен жерге жабышып оскон майда бадалдуу ксерофит осүмдүктөр осот. Аймак жайкы жайыт катары пайдаланылат.

Полигондуу (төмгилдүү) таштуу тундра эрозиядан сакталып калган денудациялык түздүктөрдө (3900—4300 *м*) жайгашкан. Бул ландшафтка байыркы моңгүнүн аракетинен пайда болгон экзарация ж-а аккумуляция формаларынын бардык жерде өөрчүшү, катуу сууктан үболонүү процесстеринин кеңири жүрүшү, моңгулордун жакын жайгашкыны, суткалык

температуранын айрымасынын чондугу мүнөздүү. Ландшафттын бул тиби Тянь-Шандын бардык кырка тоолорунун ар кайсы жеринде анча чоң эмес аянттарда таралган; тундра тибиндеги жерлер Ички ж-а Борб. Тянь-Шанда кездешет. Топурагы темгилдүү, такыр сымал, жука кыртыштуу ж-а шагылдуу, өсүмдүктөрү ото суйдак келип, эңилчек, мамык чөп, жер жаздык, чайыр гүл, рихтерия, таш жаргы ж. б-дан турат.

Кыргызстандын ландшафттары тектоникалык активдүү кыймылдын таасиринен пайда болгон. Палеогенден тартып кырка тоолор көтөрүлүп, ойдуңдар төмөндөй баштап, интенсивдүү денудациялык процесстер жүргөн ж-а шилендилер ороондорго топтолгон. Тектоникалык кыймылдын темпи басаңдаганда денудациялык рельеф пайда болуп, анын көп бөлүгү эрозиянын таасиринен тилмеленген. Кырка тоолордун активдүү көтөрүлүүсүнүн натыйжасында ландшафттын литогендик негизи дайыма өзгөрүп, ал эми ландшафттары болсо динамикалуулугу ж-а жаңыланып турушу м-н өзгөчөлөнөт. Ландшафттын өөрчүшүнө эрозия, гравитациялык бузулуу, мөңгүнүн аракети, көчкү, сел ж. б. процесстер чоң таасирин тийгизет. Бул процесстер сейсмдик жогорку активдүүлүк м-н бирдикте Кыргызстандын табигый комплекстеринин тынымсыз өзгөрүлүшүнө алып келет. Тоолордо ландшафттык структураны бузуучу табигый процесстер м-н кубулуштар 3 зонадан (жаралуу, транзит, аккумуляция) турат. Аларга жараша жаралуу зонасы — бийик тоолуу нивалдык, субнивалдык ж. б., транзит зонасы — капталдын токою, талаа ж. б., аккумуляция зонасы — тоо этектери м-н тоо аралык ороондордун ландшафттарына бөлүнөт. Тоо ландшафттары динамикалуулугу м-н катар салыштырмалуу туруктуулукка да ээ.

Тоо капталдарынын ландшафттары негизинен жайыт катары ж-а токой чарбачылыгында пайдаланылат. Тоо аралык ороондордун ландшафттарынын көпчүлүгү дыйканчылык м-н багбанчылыкка жарактуу.

Э. К. Азыкова, Р. Р. Криницкая

ФИЗИКА-ГЕОГРАФИЯЛЫК РАЙОНДОШТУРУУ

Кыргызстандын дениз деңгээлинен кыйла бийик жатышы, геологиялык ж-а орографиялык түзүлүшүнүн татаалдыгы, анын Евразия материгинин ортосунан орун алышы, ири чөлдөрдүн курчап турушу, климатынын континенттүүлүгү ж-а кургактыгы өлкөнүн ландшафттары м-н табигый шарттарынын ото ар түрдүү болушуна алып келет. Респ-канын аймагы жалпы табигый факторлору, алардын мейкиндиктеги айырмачылыктары, ландшафттын бийиктик алкактуулугунун структурасы б-ча түрдүү деңгээлдеги геокомплекстердин татаал системасынан турат. Физика-географиялык райондоштуруунун бир нече схемасы бар. Ал схемалардын биринде ылайык Кыргыз ССРи үч ири физика-географиялык өлкөдө (О. Азия түздүктүү, О. Азия тоолуу, Борб. Азия бийик тоолуу) жайгашкан. Ал аймактар 6 физика-географиялык область м-н зонадан, 10 провинциядан, 28 округдан ж-а 75 физика-географиялык райондон турат.

Орто Азия түздүктүү өлкөсү. Буга Кыргызстандын түндүгүндөгү Чүй (дениз деңгээлинен бийикт. 850—900 *м*ге чейин) ж-а Талас (700—800 *м*ге чейин) ороондору, түштүгүндө Фергана өндүрүнүн жантайыңкы түздүктөрү (1000—1100 *м*ге чейин) кирет. Бул түздүктөр реси-канын аймагында эң төмөнкү гипсометриялык абалды ээлеп, жалпы аянты 7800 *км*² болгон Чүй — Талас ж-а Фергана провинцияларын түзөт. Провинциялардын рельефи түздүктүү, бир аз адыр-күдүрлүү, аккумуляциялык; антропогенде ж-а неогендин аягында пайда болгон аллювий ж-а пролювий чөкмөлөрүнөн турган лёсс-жумуру таштуу түздүктөр, тоо этегиндеги түздүктөрдүн конус шилендилери ээлейт; аларды көптөгөн дарыялар, сайлар ж-а ирригациялык каналдар кесип өтөт. Климаты континенттик, кургак, жайы ысык, кышы жумшак, жаан-чачыны аз. Кыртышы боз топуракту, эфемерлер осот. Провинциялардын табигый ландшафттары негизинен чөл ж-а жарым чөл тибине кирген. Совет бийлигинин жылдарында бул табигый комплекстер дээрлик бүт бойдон оазистерге айландырылган. Чүй, Талас ороондору ж-а Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана өндүрүнүн түздүктөрү реси-канын экон. жактан абдан өнүккөн бөлүктөрү болуп эсептелет. Мында о. ж. м-н а. ч-нын, айрыкча техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн ири борборлору жайгашкан.

Чүй-Талас провинциясы. Географиялык абалы ж-а ландшафты б-ча мелүүн алкактагы чөлдүн түп. зонасына кирет. Чүй ж-а Талас округдарына бөлүнөт. Чүй округу Түп. Кыргызстандагы Чүй ороонүнүн дениз деңгээлинен 530 *м*ден 850—900 *м*ге чейинки бийиктиктеги бардык түзөк бөлүгүн ээлейт. Морфогенезиси б-ча палеозой тектеринин үстүндө жаткан мезозой-кайнозой чөкмө тектеринин калың катмары (3,5—4 *км*) м-н толгон соңку (Чыгыш Чүй) тоо аралык ойдуң. Бул катмар жер алдындагы сууларга бай келип, Чыгыш Чүй артезиан бассейнин түзөт. Суунун геологиялык запасы 146,14 млрд *м*³, максималдуу табигый ресурсу 71,08 *м*³/*сек*. Сейсмдик жактан округ жер титирөөнүн 8 баллдуу, түш. бөлүгү 9 баллдуу зонасына кирет.

Округду антропогенде пайда болгон тектоникалык, эрозиялык ж-а аккумуляциялык күдүрлүү түздүк ээлеп, ал байыркы аллювий ж-а аллювий-пролювий чөкмө тектеринен турат. Рельефи морфологиялык өзгөчөлүгү б-ча 4 типке бөлүнөт: Чүй д-н ж-а анын сол куймаларын бойлогон жайылма-тектирлер, түздүктөр; округдун түндүгүндө жайгашкан тектирлер-калдык тоолор, плато сымал түздүктөр; округдун борб. бөлүгүн ээлеген тоо этегиндеги бир аз айдоңуроок түздүктөр; Кыргыз Ала-Тоосунун этегиндеги күдүрлүү түздүктөр, шлейфтер.


Климаты континенттик, нымдалуу коэффициенти б-ча кургак, температурасы м-н жаан-чачыны эң өзгөрмөлүү, жаан-чачынга караганда буулануу арбын. Метеорологиялык элементтердин аймактык бөлүнүшү зоналык мүнөзго ээ. Батыштан ж-а түн.-батыштан соккон аба агымдары тоскоолсуз өткөн округдун жалпы бөлүгүнүн (түн. зонасынын) климаты кескин континенттик, жайы ысык (июлдун орточо температурасы 24—25°С, эң жогоркусу 40—44°С), кышы анча суук эмес (январдын орточо температурасы —8...—10°С, эң төмөнкүсү —30°Сден —46°Сге чейин). Жылдык орточо жаан-чачыны 270—350 *мм*, аның 70—80% жылдын жылуу мезгилине туура келет. Июндун ортосунан кыртыш какшый баштайт. Тоо этегиндеги түздүктөрдүн (түш. зонача) климаты округдун түн. бөлүгүнүкүнө караганда мелүүндүк кылат: июлдун орточо температурасы 22—23°С (Фрунзеде 25°С), кышы жумшак (январдыкы —4... —6°С), жаан-чачын көбүрөөк (350—450 *мм*) жайт. Зоначалардын ортосундагы айырмачылык алардагы жылдын жылуу мезгилинин (түн. зоначада 185, түш. зоначада 177 күн) ж-а кардын жатышынын (75 ж-а 90 күн) узактыгынан, 10°Сден жогорку температуранын суммасынан (3650° ж-а 3350°С) ж. б-дан байкалат. Термдик көрсөткүчтөрү б-ча округдун аймагы жылуу алкакка кирет. Мындагы климаттык шарттар техникалык (кант кызылчасы), дан, жашылча, бакча, мөмө-жемиш ж. б. а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ыңгайлуу.

Чүй ороону аркылуу Кыргыз Ала-Тоосунан башталган көптөгөн суулар агып өтөт. Бирок алардын көбү башкы суу артериясы — Чүй д-на жетпей сугатка бөлүнүп кетет ж-а тоо этегиндеги шлейфтердин борпоң тектерине сиңип, кыртыш, басым кыртыш ж-а басым суулардын комплекстерин түзөт. Алар ар түрдүү тереңдикте ороондун жалпы эңкейиши б-ча жатат. Басым суулар ар кайсы жерлерде нуктардан, өзүнчө аянттардан жер үстүнө чыгып, округдун борб. бөлүгүндө (Кара-Балта — Рыбачье автомобиль жолунан төмөн) «жер бетине сарыгын чыгуу» («кара суу») зонасын пайда кылат. Жер астындагы суу калктуу пункттарды, ө. ж. борборлорун, а. ч-сын суу м-н камсыз кылууда чоң маанинге ээ, ал региондун жалпы суу ресурстарынын 47%ин түзөт. Дарыялардын агымынын орточо модулу 5,84 *л/сек·км*²ге барабар. Жылдык агымынын 61—73% вегетация мезгилинде туура келип, сугатчылыкта өтө маанилүү.

Округдун аймагы дээрлик бүт бойдон түп. боз топуракту (аз карбонаттуу) зонада жатат. 500—600 *м* би-

Физика-географиялык райондоштуруу

Өлкө	Зона, область	Провинция	Округ
1	2	3	3
А. О. Азия түздүктүү өлкөсү	I Мелүүн алкактагы чөлдөрдүн түп. зонасы	I_1 Чүй — Талас	1. Талас 2. Чүй
	II Субтропикке өтүүчү түш. зонасы	II_1 Фергана	3. Түн. Фергана 4. Түш. Фергана
Б. О Азия тоолуу өлкөсү	III Түн. ж-а Ички Тянь-Шань тоолуу областы	II_1 Түн. Тянь-Шань	5. Талас 6. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы 7. Кемин
		III_2 Ысык-Көл	8. Батыш Ысык-Көл 9. Чыгыш Ысык-Көл
		III_3 Ички Тянь-Шань	10. Суусамыр 11. Кетмен-Төбө 12. Кочкор — Жумгал 13. Соңкөл — Кичи-Нарын 14. Орто-Нарын 15. Ат-Башы — Кара-Көкөн
	IV Фергана өндүрү тоолуу областы	IV_1 Түш.-Батыш Тянь-Шань	16. Чаткал 17. Чаткал — Ат-Ойнок
		IV_2 Алай — Түркстан	18. Фергана 19. Түркстан кырка тоосу 20. Алай кырка тоосунун этектери 21. Башкы Алай кырка тоосу
Борб. Азия бийик тоолуу өлкөсү	V Ички ж-а Борб. Тянь-Шандын тоолуу сырт областы	V_1 Ак-Сай — Жогорку Нарын	22. Ак-Сай — Арпа 23. Үзөңгү-Кууш — Жогорку Нарын
		V_2 Борб. Тянь-Шань	24. Көөлү — Ак-Шыйрак 25. Сары-Жаз 26. Алай өрөөнү 27. Чоң-Алай кырка тоосу 28. Нура — Көк-Суу.
	VI Памир тоолуу области	VI_1 Түн. Памир	



йикте агыш боз топурак, андан жогору региондун кончулук болугун кудурт боз топурак эзлейт. Булардын биринчиси эфемерлуу, чолдуу талаанын лёсс сымал кумайлуу топурагында, экинчиси эфемер-дан-шыбак оскон кум-таштуу, кесек кумдуу кумай топуракта ж-а чоподо пайда болгон. Кыртыш суулар жер бетине жакын жайгашкан ж-а алар жер устуне чыккан аймактарда, айрыкча ороондук борб. ж-а тун.-батыш болукторундо кобунчо гидроморфтук топуректар — шалбаа-боз, боз-шалбаа, шалбаа, шалбаа-саз ж. б. топуректар тараган. Региондун табигый шарттары ж-а ресурстары чарба м-н маданиятты ар тараптан онуктурууго ыңгайлуу. Чуй ороону — реси-канын калк жыш жайгашкан, экономикасы онукkен болугу. Чуй округунун аймагында Кыргыз ССРинин борбору, анын ири саясий, экон. ж-а маданий очогу — Фрунзе ш. жайгашкан.

Талас округу Кыргызстандын чегинде Талас ороонунун эң төмөнкү болугун эзлеп, тун.-батышы ачык, туштугу Эчкили-Тоо, Ак-Таш ж-а Кызыл-Адыр тоолору м-н чектелет. Аянты 300 $км^2$ден ашык. Рельефи тун. тарапка эңкейиш келген туздук, анын устунку бетинде пролювий кумай топурагы, астында жумуру таштар жатат. Климаты Чуй округунукуна караганда бир аз кургак ж-а континенттик. 10°Сден жогорку температурадагы жылуу мезгили 175—182 күнго созулат, температурасынын суммасы 3150—3400°С. Июлдун орточо температурасы 20—22°С, эң жогоркусу 40°С. Кышы анча суук эмес, кар аз түшөт, кээде катуу аяз болот. Январдын орточо температурасы —8...—9°С, эң төмөнкүсү —40...—42°С. Жылдык жаан-чачыны 200—300 *мм*. Суу тармактары аз. Талас суусунан башкалары майда келет. Кыртышы коңур боз топурактуу. Талас суусунун ороонун тугай токою, саздуу шалбаа ж. б. эзлейт. Кээ жеринде шыбак-эфемер-шор топурактуу жарым чөл, тоо этегиндеги шлейфтерде чий формацияларынан кездешет. Округдун мурда эфемер-шыбак оскон лёсстуу чөл эзлеген коп болугу азыр маданий ландшафтка (тамеки, дан ж-а тоют өсүмдүктөрү ж. б. айдалат) айланган. Киров суу сактагычынын курулушу айдоо алынттарынын кенейишине, айдоо м-н жайыттарды суу м-н камсыз кылууну жакшыртууга, суу чыкпаган дың жерлерди өздөштүрүүгө шарт түздү.

Ферғана провинциясы респ-канын Ферғана өндүрүү болугунун эң жаңыз жерин (400дон 1 000—1 100 *м*ге чейин) эзлейт. Туурасы 10—15 *км* (айрым жерде андан жазы) болгон ичке тилкеде жайгашкан. О. Азиянын чолдуу түздүктөрүнүн түш. зонасында жатып, табиятынын жалпы мүнөзү б-ча кургак субтропикке кирет. Рельефи б-ча суулардын шилдиси м-н антропогендин аягында пайда болгон пролювий-делювий катмарларынан ж-а азыркы чокмо тектерден турган күдүрлүү жантайыңкы, айрым жери тегиз тоо этегиндеги түздүк. Бийигирээк болукторундо ал неогендин аягында ж-а антропогенде пайда болгон лёсстон, чанда таштак, кесек тектерден турган адырларга өтөт. Провинциянын климаты Иран м-н Жер Ортолук деңизинен келүүчү тропик аба массаларынын таасиринде болуп, эң жылуу алкакка кирет. Жайы О. Азия типинде, сыяк. Июлдун орточо температурасы 25—27°С. Кышы чолдун тун. зонасындагыдан жылуураак ж-а озунун тиби б-ча жер ортолук деңиздик субтропиктик климатка жакындашат. Январдын орточо температурасы —1°Сден —5°Сге чейин. Жылуу мезгил 210—235 күнго созулат. Активдүү температуранын (10°Сден жогору) суммасы 4 000—5 000°С. Жылдык жаан-чачыны 100—400 *мм*. Вегетация мезгилиндеги нымдалуу коэффициенти эң кургак (0,05—0,06). Топурагы — түш. боз, туран боз тибинде. Провинциянын төмөнкү болукторундо (700—800 *м*ге чейин) агыш боз топурак, тоо этегиндеги түздүктердун жогорку болукторундо (1 000—1 100 *м*) ж-а жаңыз адырларда кадимки боз топурак жатат. Бул Ош обл-ндагы пахта эгилүү негизги жер фондусун түзөт. Тоо этегинде жайгашкан түздүктөрдөгү эфемерлүү, шыбак-эфемерлүү ж-а шыбактуу чөл, адырларда субтропик тибиндеги жарым чолго өтүп, кончулук болугу дыйканчылыкта өздөштүрүлгөн. Пахта, жүзүм, багбанчылыктын ири району ж-а Кыргызстанда субтропиктик өсүмдүктөрдү өстүрүүчү бирден бир аймак. Мында областтын айдоо жериниң 40%тен ашыгы, бардык пахта плантациясы жайгашкан. О. эле тамеки, дан өсүмдүктөрү (шалы, жүгөрү, буудай), беде айдалат.

Ферғана провинциясы 2 округга — Тун. Ферганага ж-а Түш. Ферганага болунөт. Тун. Ферғана округу Ферғана ойдунунун тун. чет жакасын бойлой Сумсар ж-а Кара-Дарыя сууларынын ортосундагы ичке тилкени эзлейт. Климаты сыяк. Жылдык жаан-чачыны (300—400 *мм*) м-н агын суулары (агымы 1,0—29,0 $м^3/сек$) тамеки (Сумсар — Караван р-ну), пахта, жүзүм, моможемиш (өрүк, анар, мисте ж. б.), дан ж. б. а. ч. өсүмдүктөрүн ным м-н камсыз кылат. Тун. Ферғана округу Ферғана ороонунун түш. чети б-ча 300 *км*ге созулат, бирок ал Кыргызстандын чегинде туташ аймакты түзбөйт. Бели-Сынык кырка тоосу, Баткен тоолору, Катыран-Тоо, Кара-Чатыр кырка тоолору ж-а Ош тоосунун тун. беттери, Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун этеги б-ча кеткен түздүктөр м-н жаңыз адырларда жайгашкан бир катар геокомплекстерден турат. Климаты Тун. Ферғана округунукуна караганда ысык ж-а кургактык кылат. Аймагынын коп болугу (Исфана-Шаймерден ж-а Тоо-Моюн аймактары) агын сууга жарды, негизинен жазында убактылуу пайда болгон суулар гана агат. Булактар аз кездешет. Жер астындагы суулары өтө терең жайгашкан. Жылдык жаан-чачыны округдун батышында 100—200 *мм*, чыгышында 300—400 *мм*. Ташту гипстелген ж-а таш-шагылдуу, эфемер-шыбактуу түрдүү калыңдыктагы кумай топурак м-н канталган чөл ж-а жарым чөл ландшафты басымдуу. Кончулук болугу жасалма колмолордү ж-а сугат каналдарын куруу м-н дыйканчылыкка өздөштүрүлгөн. Талдык, Ак-Буура, Араван, Абшыр ж-а Исфайрам сууларынын ороондорундогу Ош — Кара-Суу, Араван ж-а Марказ — Караван оазистеринде пахта, тыт жыгач, жүзүм ж. б. жылуу жерде өсүүчү өсүмдүктөр өстүрүлөт.

Орто Азия тоолуу өлкөсү. Бул өлкого Кыргызстандын $^3/_4$ болугу кирет. Эки ири табигый географиялык бирдикке — Тун. ж-а Ички Тянь-Шань тоолуу областына, Ферғана өндүрү тоолуу областына болунөт.

Тун. ж-а Ички Тянь-Шань тоолуу области Кыргызстандын тун. ж-а борб. болугун эзлейт. Буга түндүктө Кыргыз, Иле Ала-Тоолорунун болуктору ж-а Күнгөй Ала-Тоо, түш.-батышта, түштүктө, түш.-чыгышта Талас Ала-Тоосу, Ат-Ойнок, Ферғана, Жаман-Даван, Ат-Башы, Жаңы-Жер, Жетим кырка тоолору, Тескей Ала-Тоо ж-а ал тоолордун аралыгындагы жерлер кирет. Жалпысынан бул (аянты 95 миң $км^2$дей) — батыштан чыгышка 600 *км*ге созулган туташ тоолуу өлкө. Орографиясына узун, өтө тилмеленген кырка тоолор ж-а деңиз деңгээлинен кыйла бийик жайгашкан тоо аралык ороондор м-н чуңкурдуктар мүнөздүү. Кырка тоолордун абсолюттук бийиктиктери 2 000 *м*ден 4 000—5 000 *м*ге чейин, тоо аралык ороондор м-н чуңкурдуктардыкы 800—1 000 *м*ден 3 000 *м*ге чейин. Булардын эң ирилери: Ысык-Көл, Нарын ж-а Талас ороондору. Кырка тоолордун көбүндө түбөлүк кар м-н моңгулор жатып, алар атмосфералык нымдын эң ири аккумулятору болуп саналат.

Геологиялык түзүлүшү б-ча область Тун. ж-а Ортоңку Тянь-Шанга болунөт. Тун. Тянь-Шанда геосинклиналдык өнүгүү палеозойдун башталышында (каледон бүктолүүсү), Ортоңку Тянь-Шанда палеозойдун аягында (герцин бүктолүүсү) аяктаган. Геологиялык-структуралык областтардын чеги Нарын д-нан түндүктө, «Тянь-Шандын негизги жарака сы» (В. А. Николаев) катары белгилүү болгон жер кыртышынын тектоникалык бузулуу сериялары б-ча өтөт. Тун. Тянь-Шань негизинен байыркы (архей, протерозой, палеозойдун башталышы) чокмо-метаморфизм ж-а магма тоо тектеринен (мында гранит интрузияларынын мааниси чоң) турат. Ортоңку Тянь-Шанга негизинен палеозойдун башында ж-а ортосунда пайда болгон чокмо-метаморфизм катмарлары, тун. болугунө магматизм ж-а вулканизм мүнөздүү. Тоолордо түрдүү кендер (эндогендик, чокмометаморфогендик ж. б.) пайда болгон. Мезозой-кайнозойлук чокмо тектерден турган тоо аралык ж-а тоо этегиндеги ойдуңдарда чокмо ж-а органогендик кендер бар; минералдуу ж-а жылуу суу булактары тектоникалык контакт зоналарында жайгашкан. Кендердин базасында ири өз. ж. ишканалары, курорттор, дарылоо жайлары курулган. Тянь-Шандын азыркы бийик тоолуу турпаты неоген-антропогендеги тектоникалык кыймылдын натыйжасында пайда болгон. Бул кыймыл азыркы мезгилде да улануда, муну жер титирөөлөр (8—9 баллдуу зона) айгинелеп турат.

Областтын климаты кескин континенттик, бирок аның өтө бийик жайгашышына, рельефинин татаалдыгына байланыштуу жылуулук шарты, нымдануусу, микроклиматы өтө ар түрдүү. Мында батыштан ж-а тун.-батыштан келүүчү нымдуу аба массасынын аймактын ички болуктөрүнө өтүшүнө тоскоолдук кылган четки бийик кырка тоолордун (Кыргыз Ала-Тоосу, Талас Ала-Тоосу, Иле Ала-Тоосу, Ферғана кырка тоосу ж. б.) мааниси айрыкча чоң. Температура м-н жаанчачын бийиктик алкактуулуктун закон ченемине ылайык өзгөрөт. Орто бийиктеги тоолор м-н бийик тоолордун батыш ж-а тун. канталдарына жаан-чачын арбын (600—1 000 *мм*), ал эми алардын түш. ж-а чыгыш канталдарына, о. эле тоо аралык чуңкурдуктар м-н ороондорго бир кыйла аз жаайт. Жайкысын 2 000 *м* бийикке чейинки ороондор жылуураак (июлдун орточо температурасы 15—20°С) келет. Мында жүзүм (1400 *м*ге чейин), жашылча-жемиш, дан эгиндери ж-а тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Орто бийиктеги ороондордо (2 000—3 000 *м*) жылуулук жетишсиз (10—15°С); тоо канталдарында бийиктеген сайын абанын температурасы төмөндөйт (100 *м*ге 0,7°С). Кышкысын тоолордо дайым кар жатат, температура бардык жерде 0°Сден төмөн. Тоо аралык чуңкурдуктар м-н ороондордо кар аз же жокко эсе, январдын орточо температурасы —5°Сден —20°Сге чейин. Моңгулор бирдей таралган эмес. Түрдүү типтеги моңгулор м-н коп жылдык карлар тоскоол кырка тоолордун кар чегинен жогору (3600—3800 *м*) жаткан бийик болуктөрүн каптап жатат. Алар Тескей, Күнгөй, Кыргыз Ала-Тоолорунда коп топтолгон. Моңгулөрдөн ирригациялык ж-а энергетикалык маанидеги коптогон суулар башталат, алардын эң ирилери: Нарын, Чүй, Талас. Областтын аймагында 2 ири (Ысык-Көл, Соңкол) ж-а генезистери ар башка коптогон майда көлдөр жайгашкан. Алардын көпчүлүгү — моңгү-моренанын аракетинен ж-а боготтон пайда болгон көлдөр.

Тоолуу рельефтин өтө тилмеленишине байланыштуу Тянь-Шандын ландшафты өтө ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Ландшафттын бийиктик алкактуулук структурасы четки тоскоол кырка тоолордо (Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунда) даана байкалат. Эң төмөнкү бийиктик алкакта (900—1 000 *м*ден 1 200—1 300 *м*ге чейин) чолдуу, чаптуу токол тоолор ж-а жарым чолдуу адырлар жайгашкан. Тилмеленген жаңыз тоолорго бореаль тибиндеги кургак талаа мүнөздүү. Ал орто бийиктеги тоолордо шалбаалуу талаа ж-а токой-шалбаалуу талаа ландшафты м-н алмашат. 2 600—2 800 *м* бийиктен баштап субальп ж-а альп алкактуу тоолуу шалбаа зонасы башталат да, ал 3 600—3 800 *м*ден жогору моңгу, кар, жылаңач аскалардан турган гляциалдык-нивалдык зонага өтөт. Ички Тянь-Шанда бийиктик зоналуулуктун структурасы башкача. Бул аймактын өтө бийик жатышы ж-а климатынын кургактыгы айрым кырка тоолордо зоналардын вертикаль б-ча аралаш жайгашуусуна алып келет. Ал зоналардын айрымдары (токой, нивалдык, гляциалдык зоналар) ар кайсы жерлерде кездешет же такыр болбойт. Чуңкурдуктардын таманы м-н тоо этектеринде чол ж-а жарым чол басымдуу, кээде алар чаптарга окшоп кетет; тоо капталдарында тоолуу талаа ландшафты басымдуу келет.

Тун. ж-а Ички Тянь-Шань тоолуу области 3 провинцияга — Тун. Тянь-Шань, Ысык-Көл, Ички Тянь-Шанга болунөт. **Тун. Тянь-Шань провинциясына** Кыргыз Ала-Тоосу, Талас, Чоң Кемин, Кичи Кемин ороондору ж-а аларды курчап турган тоолор кирет. Туурасы 40—60 *км*, кеңдик багыт б-ча 500 *км*ге созулган тоолордун ж-а тоо аралык ороондордон турат. Айрым жерлерде, мис., Чоң Кемин ж-а Каракол ороондорунун башында, 15—20 *км*ге чейин кууштайт. Аянты 21,3 миң $км^2$. Тун. Тянь-Шань геотектоникалык областта жайгашып, ар түрдүү мезгилде пайда болгон магма интрузиялары жиреп чыккан протерозой м-н палеозойдун башталышындагы чокмо ж-а метаморфизмделген тоо тектеринен турат. Түздүктөр м-н тоо этектерин неоген м-н антропогендин борпоң чокмо тектери каптап жатат. Рельефине «ала-тоо» тибиндеги тоолор басымдуу. Алардын чокулары м-н тепши сымал ороондорунде дайыма кар ж-а моңгу жатат. Кырка тоолордун тун. капталдары узун, эрозиялык капчыгайлар м-н тилмеленген. Алардын ортоңку болугунө (1 500—3 000 *м* бийикте) жаан-чачын арбын жаайт. Мында ийне жалбырактуу токой ж-а арчасы бар токой-шалбаалуу талаа алкагы жайгашкан. Бул алкак Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш болугунө, Күнгөй Ала-Тоонун тун. капталына, Талас Ала-Тоосу м-н Кемин тоолорунун айрым жерлерине мүнөздүү. Орто бийик ж-а бийик тоолуу зонадагы түрдүү типтеги тоолуу талаа м-н шалбаа, (Кок-Ойрок, Каракол ж. б.), жаңыз тоолордогу кургак талаа м-н жарым чолдор жайыт ж-а чөп чабынды катары пайдаланылып, мал чарбасын өнүктүрүүдө мааниси чоң. Провинциянын күңүрт боз, күңүрт коңур топуректуу, шыбак-эфемерлүү түздүктөр м-н тоо этектериндеги төмөнкү зонасын (1 500 *м*ге чейин; Талас, Кемин ороондору, кырка тоолордун этектери) сугат ж-а кайрак жерлер эзлейт. Мында тамеки (Талас ороону), жүзүм, дан эгиндери, жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү эгилет. Провинциянын аймагы рекреациялык ресурстарга өтө бай. Минералдуу ж-а жылуу суу булактары (Ысык-Ата, Жылуу-Суу, Жар-Таш ж. б.) чыккан жерлер, гляциалдык ж-а көл комплекстери көшө кездешкен уникалдуу тоо ландшафты, рельефтин түрдүү формалары м-н типтери, ийне жалбырактуу, арча ж-а тугай токойлору (Ала-Арча, Бел-Таш, Кегети, Кемин, Талас, Шамшы ж. б.) ж. б. табигый комплекстер корукка алууну ж-а сарамжалдуулук м-н пайдалануну талап кылат.

Тун. Тянь-Шань провинциясы 3 округга болунөт: Талас, Кыргыз Ала-Тоосунун тун. капталы ж-а Кемин.

Талас округуна Талас ороону, Талас суусун бойлото көткен жаңыз кырка тоолор, Талас ж-а Кыргыз Ала-Тоолорунун тоо аралык ороондү караган капталдары кирет. Бул тоо-ороондуу табигый комплекстин борб. болугун неоген-палеоген м-н антропогендин чокмо тектеринин калың катмарынан турган Талас ороону эзлейт. Анын таманы 800 *м*ден (батышында) 1700 *м*ге (чыгышында) чейинки бийиктикте жатат. Ороондун рельефи түздүктүү, добо-доңсоолуу, тилмеленген. Климаты континенттик, кургак. Жылдык жаан-чачыны 200—400 *мм*. Ороондун күңүрт боз ж-а бозомук коңур топуректуу шыбак-эфемерлүү жарым чолу м-н шыбак-туландуу талаасын дан эгин (бардык айдоо аянтынын 50%тен көбүроогу), тоют (айдоо аянтынын $^1/_3$ине жакыны), техникалык (тамеки), жашылча-жемиш ж. б. а. ч. өсүмдүктөрү эзлейт. Ороон Талас суусу ж-а аның көптөгөн куймалары, андан чыгарылган каналдардагы суулар м-н сугарылат. Талас суусунун жылдык орточо чыгымы 50,5 $м^3/сек$. Анда ири суу сактагыч курулган. Сууну бойлой тугай токою өсөт. Талас Ала-Тоосунда тоолуу талаа м-н шалбаалуу талаа ландшафтынын түрдүү типтери бар, жайыт катары пайдаланылат. Карагай, көк карагайлуу токой өсөт, арча ар кайсы жерде сейрек кездешет. Нивалдык-гляциалдык зона 3 400—3 600 *м*ден

жогору жайгашкан. Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталдарында ж-а Талас суусун бойлото кеткен жапыз тоолордо негизинен каксоо ландшафттар (таш-шагылдуу, бадалдуу чөл, кургак майда чымдуу талаа ж-а тоо бетериндеги жапалак арчалуу жерлер, жылацач аскалар, шагылдар) басымдуу. Талаа ландшафты м-н чөлдүн бир бөлүгү жазгы ж-а кышкы жайыт катары пайдаланылат.

Провинциянын борб. бөлүгүн Кыргыз Ала-Тоосунун (Ашмара ж-а Чүй сууларынын аралыгында) түн. капталы округу ээлейт. Кыргыз Ала-Тоосу — кембрийге чейинки мезгилдеги байыркы ж-а палеозойдун башталышындагы магмалык ж-а метаморфизмделген тоо тектеринден түзүлгөн ири антиклинорий. Чүй өрөөнүнүн тамынан 3—3,5 *км*ге көтөрүлөт (Аламүдүн чокусу, 4 855 *м*). Кырка тоонун узундугу 450 *км*, асимметриялык түзүлүшү. Анын түн. капталдары узун (жазылышы 30—40 *км*), тектирдүү, кууш ж-а терең капчыгайлары көп. Тоо этегине жарым жапыз доңсөөлөрдүн (бийиктиги 1 200—1 600 *м*) зонасы жайгашкан. Алар анча чоң эмес өрөөндөрдүн системасы м-н бөлүнгөн. Тоолордун климаты бийиктик алкактуулукка байланыштуу. Жаан-чачындын эң көбү (580—760 *мм*) орто бийиктеги ж-а бийик тоо зоналарына туура келет. Кыргыз Ала-Тоосу табигый ресурстарга бай. Сууларынын чыгымы 88,5 $м^3/сек$; Чүй өрөөнүн сугарууда алардын мааниси чоң. Топурак-өсүмдүк ресурстары бир кыйла. Тоолордо татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 1 400дөн ашуун түрү кездешет. Тоо этеги-жапыз тоолуу талаа зонасынан (1 000—1 100 *м*ден 1 600—1 800 *м*ге чейин) тартып, бийик тоолуу альп шалбаасы жаткан алкакка чейинки (3 000—3 300 *м*ге чейин) бардык бийиктик зоналарда жайыт ж-а чабынды жерлер бар. Шалбаа, карагай-арчалуу токой, шалбаалуу талаа ж-а талаа жайгашкан орто бийиктеги тоо алкагынын ним сактоодо ж-а рекреацияда мааниси чоң. Нивалдык-гляциалдык зонада (3 600 *м*ден жогору) нымдын катуу абалдагы запасы (фирн талаалары м-н мөңгүлөрдүн аянты 470 $км^2$) мол. Минералдуу ж-а жылуу суу булактары эл чарбасында ж-а дарылоо — ден соолукту чыңдоо максатында пайдаланылат. Ири о. ж. борборлоруна жакын жайгашкан жагымдуу табигый шарттары (жайы мелүүн-жылуу, кышы жумшак, карлуу, рельефтин түрдүү типтери, уникалдуу табигый комплекстери) бар Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы келечекте курорттук-рекреациялык жактан өздөштүрүүгө ыңгайлуу.

Түн. Тянь-Шань провинциясынын чыгыш бөлүгүндө Кемин тоо-өрөөн табигый комплекси (округу) жайгашкан. Буга Чоң-Кемин, Кичи-Кемин сууларынын өрөөндөрү ж-а Күнгөй, Иле Ала-Тоолорунун ал өрөөндөрдү курчап турган түш.-батышты карай созулган тармактары кирет. Региондун борб. бөлүгүндө көптөгөн куймалары м-н терең капчыгай аркылуу Чоң-Кемин суусу агат. Анын жылдык орточо чыгымы (21,7 $м^3/сек$), агымынын модулу (11,5 $м^3/сек \cdot км^2$) суу жыйноочу аянтынын кыйла нымдуулугун (жылдык жаан-чачыны 400—700 *мм*) айгинелейт. Тоолуу бөлүктөрүндө талаа, токой-шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу талаа басымдуу, алар мал чарбачылыгы үчүн төөт базасы катары пайдаланылат. Түздүктөр м-н тоо этегиндеги кургак талаа зонасын сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт.


Ысык-Көл провинциясы. Провинциянын орографиялык негизин Ысык-Көл өрөөнү түзөт. Бул түш тарабынан жабык, кенен тоо-өрөөндүн табигый-аймактык комплекси кеңдик багытта 252 *км*ге созулат. Жазылыгы ортоңку бөлүгүндө 80 *км*. Аянты 22 миң $км^2$ден ашык. Провинциянын борб. бөлүгүн (аймагынын 28%тен көбүрөөгү) тоңбогон, терең тоо көлү — Ысык-Көл ээлейт. Көлдү курчап турган кырка тоолордун көл деңгээлинен (1 608 *м*) орточо бийиктиги 2 500—3 000 *м* (Күнгөй Ала-Тоо) ж-а 3 400 *м* (Тескей Ала-Тоо), эң бийик жерлери түндүгүндө 4 771 *м*, түштүгүндө 5 280 *м*. Ысык-Көл өрөөнүн курчап турган Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолору — Тянь-Шань тоо системасындагы ири тоолор, алар асимметриялык түзүлүштө. Бул тоолордун пайда болгон жактары көлдү караган жантайма догоону түзөт. Тескей Ала-Тоонун узундугу 354 *км*, орточо бийиктиги 4 290 *м*. Кыйла бөлүгүн көп жылдык кар-м-н мөңгүлөр каптап жатат. Алардын Ысык-Көлдүн алабындагы аянты 492 $км^2$. Күнгөй Ала-Тоонун узундугу 285 *км*, орточо бийиктиги 4 200 *м*, мөңгүлөрүнүн жалпы аянты 140 $км^2$.

Кырка тоолор көлдөн суу шилендилеринен жө көл тектирлеринен турган тоо этегиндеги түздүктөрдүн ачча жазы эмес тилкеси (2 *км*ден 15—20 *км*ге чейин) м-н бөлүнөт. Көл жээктери негизинен аккумуляциялык тегиз түздүк, анын 46,5% кумдуу. Тоо тармактары айрым жерлеринде гана бийик, тик тумшук түрүндө көл жээгине чейин келет. Көл боюндагы түздүктөр — провинциянын негизги дыйканчылык зонасы. Мында анын бардык калкы, кыштактары ж-а шаарлары жайгашкан. Ысык-Көл өрөөнүнүн түш. ж-а чыгыш бөлүктөрүндө тоо аралык өрөөндөр м-н чектелген неоген-антропогендик жапыз жалчалар м-н добо сымал көтөрүңкү жерлердин зонасы жайгашкан. Өрөөн тектоникалык кыймылдардын натыйжасында пайда болгон. Анын негизин каледон бүктөлүүсүнөн пайда болгон байыркы ортоңку массив түзөт. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолору — мегантиклинорийлер; алардын кырлары м-н капталдарында протерозойдун метаморфизмделген ж-а магма тектери, четки бөлүктөрүндө палеозойдун башталышындагы жанар тоо, кумдук-сланец катмарлары ж-а конгломераттар жатат.


Айланасындагы бийик кырка тоолор өрөөндү кышкысын муздак, жайында чөлдөн соккон ысык шамалдан сактап турушу ж-а көлдүн тийгизген таасири провинциянын климатынын өзгөчө жагымдуу болушуна шарт түзөт. Анын түзөң бөлүгүнүн жайы жылуу, кургак (июлдун орточо температурасы 15—20°С), кышы мелүүн жумшак (январдын орточо температурасы Рыбачьеде —3,8°С, Пржевальскиде —7,1°С), күн тийген мезгил бир топ узак (Рыбачьеде жылына 2 880 саат; ал эми Москвада 1 579 саат, Ялтада 2 250, Ашхабадда 2 748). Көл айланасына бир эле убакытта тоо ж-а дениз климаттары мүнөздүү. Гляциалдык-нивалдык зонада июлдун орточо температурасы 5°С.

Табигый шарттарынын өзгөчөлүктөрү б-ча Ысык-Көл провинциясы экиге (батыш ж-а чыгыш) бөлүнүп, ага жараша 2 физика-географиялык округду түзөт. Ал округдардын ортосундагы чек ара болжол м-н 77°30′ чыгыш узундук аркылуу өтөт. Батыш Ысык-Көлгө табияттын кургакчылыгы, жылацач тоолор, чөлдүү талаа ландшафты мүнөздүү. Округдун жапыз бөлүктөрүндө (1 800—1 850 *м* бийикке чейин) бадалдуу, таштак чөл ээлеп, бозомук күрөң топурактуу; тянь-шань шыбагы өсөт. Түрдүү тектердин катмарларынан турган тоо этеги м-н жапыз тоолорду (1 900—2 100 *м*ге чейин) шыбактуу, тулаң-шыбактуу чөлдүү талаа ээлейт. Тоо капталдарында тоолуу талаа ландшафты тоо шалбаасы м-н алмашылат. Округдун чыгыш бөлүгүнүн (2 700—3 000 *м* бийикте) айрым жерлеринде карагай токою бар. Климаты континенттик, кургак. Жылдык жаан-чачыны 100—300 *мм*. Округдун аймагынын көп бөлүгүндө кар жатпайт. Өзөндөрү м-н суулары аз. Агын суулары негизинен убактылуу же мезгилдүү. Суу агымынын модулу 2—5 $л/сек \cdot км^2$. Округдун аймагында сел көп жүрөт. Боом капчыгайы тараптан соккон катуу кургак улан шамалынын (ылдамдыгы 35—40 *м/сек*га чейин) округга тийгизген таасири чоң. Тоолор м-н тоо этектеринин табигый ресурстары негизинен жайыт ж-а көй чарбасын өнүктүрүүнүн базасы катары пайдаланылат. Суу ресурстарынын жетишсиздиги дыйканчылыкты өнүктүрүүгө тоскоолдук кылат.

Чыгыш Ысык-Көл округу провинциянын батыш бөлүгүнөн ландшафтынын ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Жетиштүү атмосфералык нымы (жылдык жаан-чачыны 400 *мм*ден 800—1 000 *мм*ге чейин) ж-а агын суулары (агым модулу 15,0—30,0 $л/сек \cdot км^2$), күн радиациясынын



ЗООГЕОГРАФИЯЛЫК КАРТА





Кыргыз ССРинин Кызыл китебине каттаган жаныбарлар. 1. Балта жутар. 2. Кара шакылдак. 3. Суу буркут. 4. Кара куш. 5. Ак кажыр. 6. Кидик така тумшук жарганат. 7. Кош эрин жарганат. 8. Манул. 9. Коркыра. 10. Чаар күсөн. 11. Кызыл карышкыр. 12. Мензбир сууру. 13. Жылаанчы куш. 14. Орок тумшук. 15. Тянь-Шань аюусу. 16. Тоодак. 17. Ак

ЖЕР БЕТИНДЕ ЖАШООЧУ ОМУРТКАЛУУ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ЗОНАЛЫК КОМПЛЕКСИ.

Зоогеография картасына тиркеме

Табигый комплекстер	Батыш Тянь-Шань бөлүгү				Чыгыш Тянь-Шань бөлүгү				Бардык территорияларда			
	Жер-десууда жашоочулар	Сойлоочулар	Куштар	Сүт эмүүчүлөр	Жер-десууда жашоочулар	Сойлоочулар	Куштар	Сүт эмүүчүлөр	Жер-десууда жашоочулар	Сойлоочулар	Куштар	Сүт эмүүчүлөр
Тоо этегиндеги түздүктөр ж-а жапыз тоолор, деңиз деңгээлинен 400—1500 (1800) м бийикте. Жарым чөл ж-а талаа.	Жашыл курбака, сибирь бакасы, көл бака.	Талаа кара чаар жыланы.	**Калак буттуулар:** мала биргазан, тармал биргазан, ири кара каз, кидик кара каз. **Кунас сымалдар:** ак кытан, түнчү кытан, кидик көл бука, кашык тумшук, каравайка. **Фламинголор:** кызыл канат фламинго. **Каз сымалдар:** боз каз, итала өрдөк, чыбырчык өрдөк, куркулдак чүрөк, ак көз чумкуур, кызыл баш чумкуур, үрпөк чумкуур, кадимки дыгдыгый өрдөк, кара турпан, шиш күйрук, чоң суксур. **Күндүзгү жырткыч куштар:** турумтай, боздоң кулаалысы, суу бүркүт, кара куш, кара шакылдак, чүйлү сымал бүркүт, европа аарычыл кушу, жыланчы куш, бакачы. **Турна сымалдар:** кидик тартар, тартар. **Чулдуктар:** ызгыт, кара төш чулдук, таранчы чулдук, ак куйруктуу куш чулдук, кара улит, чөпчү улит, балырчы чулдук, боз чулдук, тартак чулдук, шибеге тумшук чулдук, ири төө чулдук, эчки маарак, дупель, гаршнеп. **Чардактар:** көк чардак, кадимки чардак, кидик чардак, ак канат чабакчы, кара чабакчы, кадимки чабакчы, кидик чабакчы. **Көгүчкөн сымалдар:** сур көгүчкөн, ак боор. **Үкүлөр:** ак үкү. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): кара кызыл төш, корум таранчысы, тоо думбулу, мүйүздүү торгой, муруттуу кашка чымчык, кара тамак көк шалкы, корголдой.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** тянь-шань көрөң тиши, кидик көрөң тиш. **Жарганаттар:** муруттуу жарганат. **Кемирүүчүлөр:** сары чычкан, кош аяк, талаа чычканы. **Жырткычтар:** корсак, арыс, хаус же камыш сүлөөсүнү.	Сибирь бакасы, жашыл курбака, көл бака.	Сур гекон, такыр жумур башы; тордомо жумур баш, Николь-ский кескеги, боз эчки эмээр, чзар сойлок.	**Кунас сымалдар:** ак кунас. **Күндүзгү жырткыч куштар:** лаггар, чүйлү. **Чулдуктар:** чоң тумшук мойнок. **Көгүчкөн сымалдар:** токой көгүчкөнү. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): майна, альп көк шалкысы, гималай көк шалкысы.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** кидик ак тиш. **Жарганаттар:** кидик така тумшук жарганат, чоң така тумшук жарганат, азия далдак кулак жарганаты, кош эрин жарганат. **Кемирүүчүлөр:** кадимки келес, кызыл куйрук кум чычкан. **Жырткычтар:** чаар күсөн.	Көл бака, жашыл курбака.	Талаа таш бакасы, сары жылан, суу жылаң, күлүк кескек, ала-була кескек, наардуу дарак-чы сойлок, ок жылан, чөл жайдак көзү, калкан тумшук.	**Кунас сымалдар:** көк кытан. **Каз сымалдар:** куркулдак куу, ышылдак куу, кашка дудук каз, түндүк казы, аңыр, кайырма-соно, боз өрдөк, кыл куйрук, калак тумшук өрдөк, тырсылдак чүрөк, чыйпылдак чүрөк. **Күндүзгү жырткыч куштар:** ылаачын, ителги, жагалмай, күйкө, талаа күйкөсү, кыргый, шалбаа кулаалысы, ак кулаалы, бөктөргө, кара айры куйрук, журтчу, кадимки сары, жаман сары. **Тоок сымалдар:** бөдөнө, чил, кекилик, кыргоол. **Турна сымалдар:** кадимки кашкалдак, кызыл чеке шакылдак, суу тартар, быйпыл-тоок, турна, каркыра, безбелдек, жорго тоодак. **Чулдуктар:** жылкычы чулдук, ала чулдук, жагоолуу мойнок, чөл ызгыты, калкандуу чулдук, ири улит, кара чулдук, ташырман чулдук, ийне тумшук кидик чулдук, жумуру тумшук сүзгүч чулдук, сагызган чулдук. **Көгүчкөн сымалдар:** көк көгүчкөн, кадимки бактек, чоң бактек, шакек моюн бактек, кидик бактек, кара боор. **Күкүк сымалдар:** кадимки күкүк. **Үкүлөр:** кадимки бабырган, сары үкү, европа мыкыйы, кулактуу үкү, жапалак үкү. **Байкуштар:** байкуш. **Көк карга сымалдар:** көк карга, сары аарычыл, жашыл аарычыл, көк чабакчы чымчык. **Үпүп сымалдар:** үпүп. **Тоңкулдак сымалдар:** сойку баш. **Карлыгач сымалдар:** ак боор карлыгач, кара карлыгач. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): кызгун, карга, чар карга, сагызган, таан, кооз мукур, үй таранчысы, талаа таранчысы, чоң думбул, ак төбө думбул, камыш думбулу, молдо торгой, кызыл канат шиш тумшук, кадимки кашка чымчык, ак кашка чымчык, боз таркылдак, кара таркылдак, кызыл жон кыш куйрук.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** кулактуу кирпи. **Жарганаттар:** тик кулак жарганат, сары жарганат, Огнев жарганаты, ала жарганат. **Коён сымалдар:** жөнөкөй коён. **Кемирүүчүлөр:** чүткөр, токой барак куйругу, кидик кош аяк, үй чычканы, токой чычканы, сур майда аламан, кум чычкан, кадимки сокур момолой, кадимки момолой, ондатра. **Жырткычтар:** карышкыр, кадимки түлкү, ач күсөн, кашкулак, узун куйрук мышык. **Ача туяктуулар:** каман, элик.
Орто тоолор, деңиз деңгээлинен 1500 (1800)—2800 (3000) м бийикте. Шалбаалуу талаа.	Сибирь бакасы, тянь-шань курбакасы, көл бака.	Шамдагай кескелдирик, ала-була кескек.	**Көкүй өрдөк сымалдар:** ала көкүй өрдөк, ири арам өрдөк, кер жаак арам өрдөк. **Каз сымалдар:** узун тумшук суксур. **Турна сымалдар:** тартар, тоодак. **Чулдуктар:** ызгыт, чөпчү улит, эчки маарак. **Күкүк сымалдар:** керең күкүк. **Чардактар:** үч тырмактуу чардак, көк чардак, катқырыкчы чардак, кадимки чардак.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** кулактуу кирпи, тянь-шань көрөң тиши, кидик көрөң тиш, кадимки суу чычкан. **Жарганаттар:** муруттуу жарганат, көрөң жарганат. **Коён сымалдар:** ак коён. **Кемирүүчүлөр:** боз суур, тянь-шань чычканчасы, секиргич кош аяк, тянь-шань токой момолою. **Жырткычтар:** корумчу кызыл күсөн, орто азия күндүзу. **Ача туяктуулар:** марал, жейрен.	Жашыл курбака.		**Тоок сымалдар:** кидик чил.	**Жарганаттар:** кидик така тумшук жарганат, боз жарганат. **Кемирүүчүлөр:** кызыл суур, Мензбир сууру, кадимки келес, арча момолою, америка суу күсөнү. **Ача туяктуулар:** европа эликбагышы, зубр.		Көз темгил кескек, алай жайдак көзү	**Кунас сымалдар:** ак кытан, көл бука, кара кунас, кашык тумшук, каравайка. **Фламинголор:** кызыл канат фламинго. **Каз сымалдар:** чыбырчык өрдөк, ак көз чумкуур, кызыл моюн чумкуур, үрпөк чумкуур, кадимки чумкуур, дыгдыгый өрдөк, кара турпан, чоң суксур, кидик суксур. **Күндүзгү жырткыч куштар:** турумтай, чүйлү, куш-карчыга, боздоң кулаалысы, суу бүркүт, көрөң тазкара, барчын-бүркүт, бакачы. **Турна сымалдар:** кидик тартар. **Чулдуктар:** текөөрдүү маарак, ак канат маарак, деңиз мойногу, кыска тумшук мойнок, чоң тумшук мойнок, каспий мойногу, таш тинткич, кызыл төш чулдук, кара төш чулдук, ракчы чулдук, узун тырмак кум чулдук, ак куйрук кум чулдук, текөөрсүз чулдук, ылайы чулдук, каражыл улит, тартак чулдук, шибеге тумшук чулдук, кидик шиш тумшук чулдук, ири шиш тумшук чулдук, ири төө чулдук, дупель, гаршнеп, орок тумшук. **Чардактар:** кара чабакчы, дөө чардак, кадимки чардак, кидик чардак. **Көгүчкөн сымалдар:** аска көгүчкөнү, ак төш көгүчкөн, алагүү, кадимки булдурук. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): чөкө таан, сары тумшук таан, арча балта тумшугу, тоо кызыл төшү, кызыл баш мукур, ири эжске бээ саа, мала эжске бээ саа, гималай мукуру, ак мукур, корум таранчысы, тоо думбулу, кызыл кулак думбул, боз торгой, молдо торгой, аска көк теке чымчыгы, кооз кашка чымчык, муруттуу кашка чымчык, кызыл боор кыш куйрук, ак баш кыш куйрук, альп көк шалкысы, гималай көк шалкысы, кара баш көк шалкы, көк шалкы, корголдой, кадимки суучул кара, күрөң суучул кара.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** кидик ак тиш. **Коён сымалдар:** чоң кулак чыйпылдак чычкан, кызыл чыйпылдак чычкан. **Кемирүүчүлөр:** реликт чычкан, секиргич кош аяк, кызыл күйрук кум чычкан, корум момолою, момолой. **Жырткычтар:** тянь-шань күрөң аюусу, арыс, кадимки суусар, сүлөөсүн, мандыл, илбирс. **Ача туяктуулар:** тоо теке, аркар, тянь-шань кулжасы.
Жаңгак токойлору.							**Калак буттуулар:** ири кара каз. **Күндүзгү жырткыч куштар:** турумтай, талаа күйкөсү, тарпчы, жыланчы куш. **Көгүчкөн сымалдар:** боз көгүчкөн, токой көгүчкөнү. **Үкүлөр:** кадимки куш үкү. **Көк карга сымалдар:** көк карга, сары аарычыл. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): чоң думбул, кадимки кашка чымчык. **Тоңкулдак сымалдар:** сойку баш.	**Жарганаттар:** тик кулак жарганат, эки түстүү жарганат. **Кемирүүчүлөр:** кызыл суур, чүткөр, кадимки келес, кум чычкан. **Жырткычтар:** талаа же ак күсөн. **Ача туяктуулар:** зубр.			**Бардык токойлордо**	
Карагай токойлору.		Шамдагай кескелдирик.	**Тоок сымалдар:** кара кур. **Чулдуктар:** ракчы эчки маарак. **Күкүк сымалдар:** керең күкүк. **Үкүлөр:** кыргый үкү, мыкый үкү. **Тоңкулдак сымалдар:** ири чаар тоңкулдак, үч манжалуу тоңкулдак. **Карлыгач сымалдар:** ак боор карлыгач, кара карлыгач. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): чаар карга, арчачы балта тумшук, кызыл баш мукур, карагайчы кайчы тумшук, кадимки чыйпылдак чымчык, кара кашка чымчык, кара баш көк шалкы, кооз кашка чымчык.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** тянь-шань күрөң тиши, кадимки суу чычкан. **Жарганаттар:** тик кулак жарганат. **Коён сымалдар:** чоң чыйпылдак чычкан. **Кемирүүчүлөр:** боз суур, тянь-шань чычканчасы, сур майда аламан, тянь-шань токой момолою. **Жырткычтар:** корумчу кызыл күсөн, орто азия күндүзу. **Ача туяктуулар:** марал.						**Каз сымалдар:** кайырма-соно, чоң суксур. **Күндүзгү жырткыч куштар:** ылаачын, ителги, жагалмай, күйкө, кыргый, шалбаа кулаалысы, кара айры куйрук, кидик бүркүт, сары. **Тоок сымалдар:** бөдөнө, кекилик. **Чулдуктар:** жагоолуу мойнок, кара чулдук, ташырман чулдук, вальдшнеп. **Көгүчкөн сымалдар:** көк көгүчкөн, алагүү, кадимки бактек, чоң бактек. **Күкүк сымалдар:** кадимки күкүк. **Үкүлөр:** кадимки бабырган, сары үкү, кулактуу үкү. **Байкуштар:** байкуш. **Үпүп сымалдар:** үпүп. **Тоңкулдак сымалдар:** ала канат тоңкулдак. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): кызгун, карга, чар карга, сагызган, таан, кооз мукур, үй таранчысы, талаа таранчысы, ак төбөл думбул, ак кашка чымчык, кызыл моюн кашка чымчык, боз таркылдак, кара таркылдак, майна, ак баш кыш куйрук, кызыл жон кыш куйрук, агыш көк шалкы, корголдой.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** кидик ак тиш. **Жарганаттар:** далдак кулак жарганат, сары жарганат. **Коён сымалдар:** жөнөкөй коён, кызыл чыйпылдак чычкан. **Кемирүүчүлөр:** токой барак куйругу, үй чычканы, токой чычканы, кадимки сокур чычкан, корум момолою. **Жырткычтар:** карышкыр, кадимки түлкү, тянь-шань күрөң аюусу, арыс чычкан, кадимки суусар, кашкулак сүлөөсүн, илбирс. **Ача туяктуулар:** каман, элик.
Арча токойлору.		Гималай агамасы.	**Таранчы сымалдар:** гималай чыйпылдак чымчыгы.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** тянь-шань көрөң тиши. **Кемирүүчүлөр:** боз суур, Мензбир сууру. **Жырткычтар:** кызыл карышкыр.								
Бийик тоолор, деңиз деңгээлинен 2800(3000)—4000 м ж-а жог. бийикте.	жашыл курбака.		**Каз сымалдар:** маңка каз. **Күндүзгү жырткыч куштар:** ак кажыр, күрөң тазкара. **Тоок сымалдар:** улар. **Чулдуктар:** кыска тумшук мойнок. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): кызыл мукур.	**Курт-кумурска м-н азыктануучулар:** тянь-шань көрөң тиши. **Кемирүүчүлөр:** боз суур. Мензбир сууру. **Жырткычтар:** кызыл карышкыр.	Жашыл курбака.			**Кемирүүчүлөр:** кызыл суур.			**Күндүзгү жырткыч куштар:** шумкар. **Тоок сымалдар:** кара боор улар. **Чулдуктар:** орто кренимея. **Чардактар:** күмүш чардак, кидик чардак. **Таранчы сымалдар** (уялоочулар): кызыл мукур.	


1


2


3


4


5


6


7


8


9


10


11


12

Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталган жаныбарлар. 1. Балта жутар. 2. Кара шакылдак. 3. Суу бүркүт. 4. Кара куш. 5. Ак кажыр. 6. Кидик така тумшук жарганат. 7. Кош эрин жарганат. 8. Манул. 9. Каркыра. 10. Чаар күсөн. 11. Кызыл карышкыр. 12. Мензбир сууру. 13. Жылаанчы куш. 14. Орок тумшук. 15. Тянь-Шань аюусу. 16. Тоодак. 17. Ак


13


14


15


16


17



18


19


20


21


22


23


24

куназ. 18. Булдурук. 19. Жыттуу көркөм дуулдак. 20. Бейиш чымынчысы. 21. Безбелдек. 22. Ак төш көгүчкөн. 23. Сарала калдыркан. 24. Кара куназ.

куназ. 18. Булдурук. 19. Жыттуу көркөм дуулдак. 20. Бейиш чымынчысы. 21. Безбелдек. 22. Ак төш көгүчкөн. 23. Сарала калдыркан. 24. Кара куназ.

ургаалдуулугу ж. б. табигый факторлор мында ландшафттын бийиктик алкактуулугунун ар түрдүүчө болушуна шарт түзгөн. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун капталдарында бийиктик алкактуулук ороондун таманындагы чөлдүү талаа зонасынан бийик тоолуу нивалдык-гляциалдык зонага чейин ырааттуулук м-н алмашылат. Аларга токой-шалбаа-талаа алкагы айрыкча бир өзгөчөлүктү берет. Ал тилке өзгөчө Тескей Ала-Тоонун түн. капталында даана байкалат. Мында токой (округдун аянтынын 20%) Ички ж-а Борб. Тянь-Шандын калган бөлүктөрүндөгүдөн көп. Ороондун чыгышы — бүткүл Ысык-Көл провинциясынын негизги дыйканчылык зонасы; эгин, жашылча, картошка, момо-жемиш ж-а мал чарба продуктуларын берүүчү ири аймак. Үй чарбасы басымдуу. Минерал ресурстарынын отун-энергетикалык (таш көмүр, күрөң көмүр), руда ж-а руда эмес кендери, жер астындагы суулар, дары бактары эл чарбасында кеңири пайдаланылат. Ороондун жээк тилкеси бүткүл союздук маанидеги курорт зонасына айландырылган. Провинциянын бай табигый ресурстарын, анын ичинде рекреациялык ресурстарды да пайдалануу интенсивдештирүү — Ысык-Көлдүн деңгээлин туруктуу абалга келтирүүгө, көшүмча суу ресурстарын изилдөөгө ж-а чарбачылыкка пайдалануугa, тоолуу крайдын уникалдуу табигый комплекстерин коргоо режимин тартипке келтирүүгө ж-а күчөтүүгө байланыштуу.

Ички Тянь-Шань провинциясы — татаал орографиялык түзүлүштөгү тоо-ороондүү кенен аймак; областтын эң түш. ж-а эң бийик бөлүгү. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3 100 *м*, аянты 50 миң *км*²ден ашык, анын 92%ке жакыны Нарын д-нын алабында жайгашкан. Рельефине түш тарапка багытталган бийик ж-а ото тилмеленген кырка тоолор, тоо аралык чуңкурдуктар м-н ороондор мүнөздүү. Булардын көбү кеңдик ж-а ага жакын багытта созулуп жатат. Кырка тоолор 4 000—4 500 *м*ге чейин көтөрүлүү м-н догоо сымал ийилип, бири-бири м-н туташып, бүткүл провинциянын аймагы аркылуу жүздөгөн *км*ге созулат. Бул тоо системаларга Суусамыр, Кабак, Соңкол, Байдулу, Капка-Таш, Жетим-Бел (жалпы узундугу 500 *км*че), Кок-Ирим, Молдо-Тоо, Нура, Жетим-Тоо (жалпы узундугу 335 *км*) ж. б. кирет. Тоо аралык чуңкурдуктар м-н ороондор тоолорго караганда төмөнкү гипсометриялык деңгээлде (1 000—3 000 *м*) жатат. Алар бири биринен обочо жайгашкан ж-а формасы м-н узун-туурасы ар түрдүүчө (узуну 30—40 *км*ден 150—170 *км*ге чейин). Булардын эң ирилери—реси-каның экономикасында көрүнүктүү роль ойногон Орто-Нарын, Кочкор, Кетмен-Тобо ж-а Суусамыр ороондору. Ички Тянь-Шандын рельефине бийик тоолуу сырт мейкиндиктери (2 800—3 200 *м*) да мүнөздүү. Аларга байыркы денудациялык тегиздиктер — бокоо тоолор, ороон м-н чуңкурдуктардын тамандары (Балгарт, Кара-Каман, Орто-Сырт, Солтон-Сары, Соңкөл ж-а Суусамыр сырттары) кирет. Сырттардагы басымдуулук кылган талаа (айрыкча бетегелүү талаа) м-н шалбаалуу талаа, субалпы ж-а альп шалбаалары жайыт (айрыкча жайкы) катары пайдаланылат. Провинциянын геологиялык структуралары 2 тектоникалык областка кирет: Түн. Тянь-Шанга (провинциянын түн. бөлүгү) ж-а Ортоңку Тянь-Шанга (түш. бөлүгү; палеозойдун аягында варис тектоникалык циклинин патыйжасында калыптанган). Ортоңку Тянь-Шандын тоолору негизинен ортоңку палеозойдогу деңиз чөгүндүлөрүнөн, ороондору палеоген-неогендин борпоң континенттик, континенттик-деңиздик (гуз-гипстүү формациялары м-н) калың катмардан (3 000—4 500 *м*) ж-а антропогендин түрдүү генезистик типтеги тектеринен турат. Бул палеоген-неоген ж-а антропогендин тоо тектери тоо этеги м-н жапыз тоолордун ото тилмеленген чантуу рельефин түзөт. Ал рельеф Ички Тянь-Шандагы тоо аралык ойдуңдардын чет жакаларына ото мүнөздүү.

Провинциянын климаты кескин континенттик, кургак; жылуулук м-н нымдын таралышында чоң айырмачылык бар. Суук мезгил бир кыйла узак болот. 1 500 *м*ден 2 200 (2 300) *м*ге чейинки бийикте жайгашкан тоолуу ороон м-н чуңкурдуктардын жайы мелүүн жылуу (июлдун орточо температурасы 19—16°С), активдүү температуралуу мезгилдин (10°Сден жогору) узактыгы 130—167 күн. Мында жаздык эгин, жашылча, тоют өсүмдүктөрүн, картошка ж-а момо-жемиштин суукка чыдамдуу сортторун өстүрүүгө болот. Бирок жылуу жерде өсүүчү өсүмдүктөр үчүн жаздын аягында ж-а күзгө жуук болуучу үшүк ото коркунучтуу. 2 200 *м*ден жогору жаткан ороондордун жылуулук ресурстары дыйканчылык үчүн жетишсиз. Ото төмөнкү гипсометриялык абалды ээлеген Кетмен-Тобо (800—1 800 *м*) ж-а Тогуз-Торо (1 200—1 800 *м*) ороондорунун жылуулук шарттары ото ыңгайлуу. Мында июлдун орточо температурасы 23,6—22°С, активдүү температуралуу мезгили 150—190 күн. Бул мезгилде жылуу жерде өсүүчү а. ч. өсүмдүктөрү, анын ичинде пахта да (Кетмен-Тобо ороону) бышып жетилет. Тоолуу ороондор м-н чуңкурдуктарда кышы суук (январдын орточо температурасы —10°Сге чейин) ж-а узак, кышкысын дайыма кар жатат (Кочкор ороонунун башкасында). Кочкордо адатта кар жатпайт (жылдык жаан-чачындын 7% гана кышында жаайт). Тоо капталдары м-н сырт ороондорунда жайы салкын (10—5°С), кышы ызгаардуу. Бийик тоолор м-н тосулган Ички Тянь-Шанга жаан-чачын аз жаайт. Провинциянын түндүгүндөгү (Кочкор, Жумгал) ж-а түштүгүндөгү (Орто Нарын, Ат-Башы) ороондордо жаан-чачын аз (200—300 *мм*) түшөт. Калган жерлерде жаан-чачын батыштан чыгышка карай 400—500 *мм*ден 300—400 *мм*ге чейин азаят. Тоолордун батышты караган капталдарына да 400—500 *мм* жаан-чачын түшөт. Алардын көпчүлүгү жылдын жылуу мезгилине туура келет.

Провинциянын суу ресурстары ото тармактанган ж-а дээрлик Нарын д-нын алабына кирет (Жогорку Чүйдөн башкасы). Анын системасына тоо тибиндеги ар кандай олчомдогу 10 миңге жакын суу тиешелүү. Негизинен моңгү-кар сууларынан куралат. Дарыяларда суунун молдуулугу бирдей эмес. Агын сууларынын модулу 2,0ден 16,0 *л/сек·км*²ге чейин. Нарын д-нын орточо чыгымы (Нарын ш-на жакын) 90 *м*³/*сек*, Кетмен-Тобо ороонунан чыга бериште 382 *м*³/*сек*. Суулары энергияга ото бай. Дарыя агымын жөнгө салуу ж-а ирригация м-н энергетикада пайдалануунуу жакшыртуу максатында Нарын д-на сыйымдуулугу 19,5 млрд *м*³ болгон Токтогул суу сактагычы курулган. Нарын д-нын алабында 14 ири ГЭС куруу долбоорлонуп, алардын төртөө ишке киргизилген (1983).

Провинциянын ландшафты ар түрдүү, бийиктик алкактуулук закон ченемине ылайык өзгөрөт. Жапыз ж-а орто бийиктиктерде жайгашкан ойдуңдарда ж-а ороондордо (1 200—2 500 *м*) ачык күрөң топуракту чөл ж-а жарым чөл басымдуу. Капталоойдо (1 800—2 200 *м*) кургак талаа тилкеси шалбаалуу талаа, түркүн чөптүү субалпы ж-а альп шалбаалары м-н алмашат. Алар орто бийик ж-а бийик тоолордо кеңири таралган. Токойшалбаалуу талаа алкагы провинциянын аймагында бирдей эмес, тоолордо токой аз (2,7%). Тянь-Шань карагайынын токою тоолордун түн. ж-а батыш капталдарында, жаан-чачын көп жааган кырка тоолордо 1 800 *м*ден 3 000 *м*ге чейинки бийиктикте кездешет. Провинциянын эң батышындагы (Ат-Ойнок, Узун-Акмат тоолору, Суусамыр кырка тоосунун түш. капталы) токойшалбаалуу талаа алкагы (тянь-шань карагайы, Семёнов көк карагайы, бийик арча, грек жаңгагы, алма, зарап ж. б.) Түш.-Батыш Тянь-Шандын ландшафтына окшош. Бадалдар м-н түркстан жапалак арчасы кеңири таралган. Кыргызстандагы жапалак арча оскон аянттын төңинен көбү Ички Тянь-Шандын бийик тоолоруна (300 *м*ден жогору) туура келет. Бийик тоолордо аска, корум, эшилмелер (төмөн жайгашкан алкактарда кездешүүчү), кар, моңгүлүү тепши сымал ороон м-н тор ж. б. гляциалдык рельефтин формалары кыйла аянтты ээлейт. Кар чегинен төмөнкү катаал климаттык шарт-

тарда алын кок ототоруу, сулу-бетеге-эчилчектүү ж-а дөңүз сырты-мамык чөп-эчилчектүү тоо тундра участкалары, суукка байымдуу жаздык сымал осүмдүктөр кездешет. Провинциядагы табигый ресурстардын ичинен жайыттын мааниси чоң. Аның базасында уяң ж-а жарым уяң жүндүү кой (мал чарбасының негизги тармагы), уй ж-а жылкы чарбалары өнүккөн. Суу ж-а минерал ресурстары (күрөң көмүр, темир рудасы, химиялык сырьё ж. б.) толук өздөштүрүлө элек. Ички Тянь-Шань провинциясы 6 физика-географиялык округга бөлүнөт: Суусамыр, Кетмен-Төбө, Кочкор — Жумгал, Соңкөл — Кичи-Нарын, Орто-Нарын ж-а Ат-Башы — Кара-Көөнү.

Фергана өндүрүү тоолуу областын Фергана ороонун курчап турган ж-а дениз деңгээлинен 900—1 000 *м*ден жогору жайгашкан кырка тоолор м-н алардын этектери түзөт. Бул түн., түн.-батыш ж-а түн.-чыгышта Түш.-Батыш Тянь-Шанды түзүүчү Чаткал ж-а Фергана тоо системаларынан, түш., түш.-чыгыш ж-а түш.-батышта Алай-Түркстан тоо системасынан же Түш. Тянь-Шандан турат. Область Түн. ж-а Ички Тянь-Шандын, Памир-Алайдын айрым бөлүктөрү м-н чектешет. Аның эң жаңыз бөлүгү (дениз деңгээлинен 1 000 *м*дей бийиктө) чөл зонасынын Фергана провинциясына барып такалат. Областтын аянты 57 миң *км*²ден ашык. Рельефи тоолуу, аймагынын 65%ин тоо этегиндеги адырлар, жаңыз ж-а орто бийиктеги тоолор, тоо арасындагы ороондор, калган бөлүгүн түздүү морфоструктурадагы бийик тоолор ээлейт. Мөңгүнүн аракетинен пайда болгон бийик тоолуу алын рельефи Түш. Фергана ото мүнөздүү. Мында Алай ж-а Түркстан тоолору ж-а алардын айрым тизмектери 4 000—5 000 *м*ге чейин көтөрүлүп, ото тилмеленген ж-а жүздөгөн *км*ге созулган бийик тоо алкагын пайда кылат. Алай, Заравшан, Түркстан тоолорунун кошулган жериндеги Матча тоо түйүнүнө жакын жерде Фергана өндүрү тоолуу областынын 5 000 *м*ден бийик жаткан чокулары (Аскалуу, Тандыкул ж. б.) жайгашкан. Фергана обл-ның геологиялык структуралары негизинен герцин бүктөлүүсү мезгилинде пайда болгону м-н түздүү тектоникалык областка таандык. Аның түн.-батыш бөлүгү (Чаткал тоо системалары) Ортоңку Тянь-Шандын составына, калган бөлүктөрү (Түн., Чыгыш ж-а Түш. Фергана өндүрү) Түш. Тянь-Шанга кирет. Өз учурунда Түш. Тянь-Шань геологиялык түзүлүшү ж-а өнүгүү тарыхы б-ча айрым структура-формациялык зоналарга ж-а зоначаларга бөлүнөт. Энигердин платформасына айланып, континенттик шартта өнүккөн Түн. ж-а Ички Тянь-Шанга караганда Фергана өндүрү платформадан байыркы Талас — Фергана жаракасы м-н бөлүнүп, бор мезгилинин аягында ж-а палеогенде кыйла ийилүүгө дуушар болуп, тоолордун кыр бөлүгүнө чейин дениз каптаган. Жаракалар ж. б. деформациялар м-н татаалданган азыркы морфоструктурасы неоген-антропогенде (соңку тектоникалык кыймылдын амплитудасы 11—14 *км*ге жеткенде) пайда болгон. Аймактын геологиялык түзүлүшүндө карбонаттуу, терриген, жанар тоо тектери, палеозойдун ортосу м-н аягындагы флиш сымал континенттик-дениздик калың катмарлары басымдуу. Кембрийге чейинки эң байыркы тоо тектер (сланец, мрамор, чыгыш жаткан гнейс фундаменти ж. б.) Чаткалда кездемет. Палеозойдун ж-а кембрийге чейинки мезгилдин тоо тектери негизинен тоолордун кыры м-н орто бийик бөлүктөрүндө учурайт. Мезозой-кайнозойдун дениз чөкмөлөрү, молассттын калың катмары, кийин пайда болгон аллювий-пролювий чөкмөлөрү, лёсс сымал кумай топурак ж. б. жаңыз ж-а орто бийиктеги тоолордо, тоо арасындагы ороондордо, тоо этегиндеги адырлуу зонада, суу ороондорүндө таралган. Юра мезгилиндеги көмүрлүү конгломерат, кумдук, аргиллит ж. б. Фергана тоо тизмегинин бийик бөлүктөрүндө, палеозойдун массивдери тоо этектери м-н жаңыз тоо зонасында кездешет.

Фергана өндүрү субтропик алкагынын түн. чегине туура келген түш. кендиктеринде (39° ж-а 42°тардын ортосунда) ж-а ири орографиялык тоскоолдордун даладаасында жайгашкандыктан климаты Тянь-Шань м-н Памирдин ага чектеш жаткан аймактарыныкына караганда анча катаал эмес. Климатына жер ортолук дениздик климаттын айрым жалпы белгилери (континенттик вариант) мүнөздүү. Бийик кырка тоолор түндүктөн ж-а чыгыштан келген суук аба массаларын м-н сибирь антициклонунун таасирин кыйла басаңдатат. Кыш, күз ж-а жаз мезгилдеринде аймак түштүктөн келген циклондордун, о. эле мелүүн алкактын батыштан ж-а түн.-батыштан келүүчү нымдуу аба массаларынын таасири астында турат. Кыш — жаз мезгилинде жаан-чачындын көп болушу ушуга байланыштуу. Орто бийик, айрыкча бийик тоолордо жаан-чачын жаңында көп жаайт. Жылдык жаан-чачыны 200 *мм*ден 1 000 *мм*ге чейин. Жылуулук, ным ж. б. метеорологиялык элементтердин аймак б-ча болүнүшү көп факторлорго, айрыкча тоолордун бийиктик алкактуулугуна байланыштуу. Жайы жылуу, томонку гипсометриялык дениздеги (тоо этегиндеги түздүктөр, суу ороондору ж-а тоо арасындагы ороондордө) ысык. Тоо этеги м-н жаңыз тоо алкагында (900—1 000 *м*ден 2 000 *м*ге чейин) июлдун орточо температурасы 25—26°С, орто бийиктеги тоолордо (2 000—3 000 *м*) 15—10°С, 3 100—3 800 *м*ден жогору 10—15°С. Кышы анча суук эмес — январдын орт. температурасы Ошто (1 013 *м* бийиктикте) —4,3°С, Жерге-Талда (1 205 *м*) —4,1°С, Кызыл-Жарда (2 230 *м*) —15,2°С. Тоолуу бөлүктөрүндө дайыма кар жатат. Фергана өндүрүндө жылуулук арбын (тоо этектериндеги адырлуу зонада активдүү температуранын суммасы 4 400—4 000°, бийик тоолордо 1 000°) болот, күн жылына Жалал-Абадда 2 787 саатка, Чаткалда 2 849 саатка чейин тийет. Узакка созулган вегетациялык мезгил сугат жерлерде жылуу жерде өсүүчү өсүмдүктөрдү остүрүүгө, багбанчылыкты өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Фергана өндүрүндөгү суулар Сыр-Дарыянын алабына таандык, негизинен кар-мөңгү сууларынан куралат. Дарыялары жаз — жай мезгилинде кирет. Көпчүлүк сууларынын жылдык орт. агымынын модулу 5—10 *л/сек·км*², ал эми Фергана тоо тизмегинин сууларында бул көрсөткүч эки эсе жогору. Суу ресурстары сугатка, энергетикалык ж. б. максаттарга кеңири пайдаланылат. Өсүмдүктөрү м-н топурагы ото ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Ландшафт дифференциациясына тоо капталдарынын экспозициялары, алардын нымдуу аба массаларына карата жаткан багыттары чоң таасир тийгизет. Эң төмөнкү гипсометриялык деңгээл — лёсстуу, ташталкаланды кесек тектерден турган каксоо тоо этектеринде бийик адырлар, түздүктөр, жаңыз тоолор боз ж-а күңүрт боз топурактуу (900—1 000—1 200—1 300 *м*), эфемер-бетегелүү жарым чөл ж-а бадал аралаш оскон эфемерлүү субтропиктик талаа жайгашкан. Орто бийиктеги тоолордо токой-шалбаалуу талаа зонасы басымдуу. Алардын жаңыз тоолорду камтыган төмөнкү алкагында (1 100—1 200—2 000—2 200 *м*) тоо-токой кара күрөң топурактуу шалбаалуу талаа, жаңгак-момо ж-а зарап токою, жогорку алкагында (2 000—2 200—3 000—3 400 *м*) бадал; карагай-көк карагайлуу токой, арча, осколоң шалбаа таралган. Бийик тоолордо тоолуу шалбаа (субальп ж-а альп алкактары) ж-а гляциалдык-нивалдык зона жайгашкан. Фергана өндүрү пайдаланылып жаткан ж-а келечекте өздөштүрүлүүчү табигый ресурстарга (минералдык, жер, суу, тоют ж. б.) бай. Бийиктик алкактуулук түзүлүшү ж-а табигый шарттарынын комплекси б-ча Фергана өндүрү бирдей эмес 2 бөлүктөн (түн. ж-а түш.) турат. Түн. бөлүгү Түш.-Батыш Тянь-Шань, түш. бөлүгү Алай-Түркстан провинцияларын түзөт.

Түш.-Батыш Тянь-Шань провинциясына Чаткал суусунун алабы, Талас Ала-Тоосунун, Чаткалдын, Ат-Ойнок, Фергана тоо тизмегинин Фергана ороонүнө караган капталдарын камтыган бүткүл Түн. Фергана өндүрү кирет. Аянты 26 миң *км*². Орографиялык негизин Талас — Фергана жаракасын бойлой түш.-чыгыштан түн.-батышка 350 *км*ге созулган Фергана, Ат-Ойнок кырка тоолору ж-а Талас Ала-Тоосу түзөт. Тоо кырлары 3 500—4 000 *м*ге чейин көтөрүлөт. Эң бийик жери Фергана кырка тоосунун түш.-чыгышындагы Үч-Сейит чокусунда 4 940 *м*ге жетет. Аталган морфоструктуралар асимметриялык түзүлүштө. Фергана ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунун түш.-батыш капталдары жазы келет. Талас Ала-Тоосунан түш.-батыш таранка ири тоо тармактары — Чаткал-Курама тоо системасы созулун жатат. Ал тоолор Фергана ороонүн түн.-батышы м-н батышынан курчап, тоскоол болун турушунан провинциянын ландшафты башкалардыкынан айырмаланат. Бардык орографиялык элементтери түш.-батышка, Фергана ороонүнүн борбору таранка жаныздайт. Башкы морфоструктуралык тоолордон таралган контогон кырка тоолор м-н ороондор бири бирине жарым созулун, провинциянын татаал рельефин түзөт. Бийик, аска-зоолуу, ото тилмеленген рельеф башкы кырка тоолорго, о. эле андан тармакталып кеткен капталтоолорго да мүнөздүү (Бабаш-Ата, Чандалаш, Ак-Таш, Согон-Таш ж. б.). Мында ж-а орто бийик тоо зоналарында массивдүү, жылмаланган тектоникалык-денудациялык, купол сымал чокулуу тоолор (Чаткал, Бозбу-Тоо, Кецкол-Тоо, Коду, Зындан, Серүүн-Добо ж. б.) ж-а ороондор жайгашкан. Алар чополуу ж-а кремнийлүү слапецтерден, кумдуктардан, чанда магма ж-а метаморфизделген тектерден турат. Кырка тоолордун чет жакаларында (1 500—2 000 *м* бийиктикте) юра, бор, андан кийинки мезгилдерде пайда болгон кумдук-конгломерат-аки таш теги чокмо тектеринен турган ото тилмеленген жалча — дөңсөөлүү рельеф же түздүү түзүлүштөгү жапыз тоолор (Афлатун ж-а Кара-Суу сууларының ортосундагы жалчалар, Бабаш-Ата м-н Алаш-Тоонун этектеринде, Когарт суусунун оң куймаларының алабындагы жапыз тоолор) жайгашкан. Провинциянын эң жапыз бөлүгүн (1 000—1 500 *м*) рельефтин тектоникалык-денудациялык-аккумуляциялык ж-а тектоникалык-аккумуляциялык типтери ээлейт. Мында тыгыз тектерден турган чөлдүү жапыз тоолор — жалча-адырлуу дөңсөөлөр, о. эле антропогенде пайда болгон мергель-конгломераттан турган ж-а лёсстуу катмар каптан жаткан дөңсөөлүү тоо этектери — адырлар бар. Алардын ортосунда жайылма-тектирлүү тоо аралык ороондор, антропогендин лёсс-жумуру таштуу шлейндисинен, соңку аллювий-пролювий чөкмөлөрүнөн турган тоо этегиндеги түздүктөр жайгашкан.

Провинциянын климаттык шарттары бүткүл Фергана өндүрүнө мүнөздүү жалпы факторлорго (географиялык, радиациялык ж-а циркуляциялык) байланыштуу. Бирок тоолордун орографиялык түзүлүшү арктикалык ж-а континенттик суук аба массаларының таасирин басаңдатуурга шарт түзөт. Бийик кырка тоолор жылдын жылуу мезгилинде О. Азия м-н Борб. Азиянын ысык чөлдөрүнүн табиятка тийгизген зыянду таасирин азайтат. Бирок, Гиссар — Алай ж-а Чаткал — Курама тоолорунун тоскоол болун турушуна карабастан батыштан соккон нымдуу аба массалары Чыгыш ж-а Түн. Ферганага жетип (түш.-батыш м-н түн.-батыштан) турат. Өзөндүктан мында ландшафт зоналарының ар түрдүү болушуна ыңгайлуу шарт түзүлөт. Жердин бийиктигине, тоо капталдарының экспозициясына, рельефтин озгочолугуно жараша жайы ысык, жылуу, салкын же суук болушу мүмкүн. Июлдун орточо температурасы тоо этектеринде 25—22°С, жапыз тоолордо 22—15°С, орто бийиктеги тоолордо 15—10°С, бийик тоолордо 10—5°С, гляциалдык-нивалдык зонада 5—0°С. Жайдын биринчи жарымы жаан-чачындуу, экинчи жарымы ж-а күз айлары кургакчыл келет. Кышы негизинен мелүүн-суук; январдын орточо температурасы —3°Сден —15°Сге чейин. Эң төмөнкү температура муздак аба көпко туруп калган бийик тоо ороондорүндө (эң төмөнкү температура Тар ороонүндөгү Кызыл-Жарда —40,9°С, Чаткалда —39,8°С, ал эми Ошто —25,9°С, Караванда 1 280 *м* бийиктикте —26,1°С) байкалат. Температуралык инверсиянын (аба тоолордо ороондогүдөн жылуурак) негизинде ушундай эле кубулуш кышкысын Фергана ороонүндө да байкалат. Атмосфералык жаан-чачындын таралышы бийиктик алкактуулукка ж-а капталдардын экспозициясына (нымдуу абанын багытына карата болгон абалына) байланыштуу. Жаан-чачындын эң көбү О. Азиянын башка райондорундагыдай эле тоолордун айдарым беттерине туура келет. Фергана, Ат-Ойнок ж-а Талас Ала-Тоолорунун түш.-батыш капталдарында жаан-чачын жылына 500—900 *мм* ж-а андан да көп түшөт. Мелүүн ж-а нымдуу жер ортолук дениздик климат мүнөздүү болгон токой-шалбаалуу талаа алкагының жылдык жаан-чачыны 500—1 000 *мм*. Аның 50% вегетация мезгилине туура келет. Орографиялык «колоколо» турган Чаткал тоо системаларының жаан-чачыны аз (400—500 *мм*), ал эми Чаткал кырка тоосунун түш.-батыш капталында тоо арасындагы ороондордогүдөй эле жаан-чачын андан да аз (300—400 *мм*) түшөт. Жылдык жаан-чачындын эң көбү, б. а. 60% кыш-жаз мезгилине, эң азы авг.— сент. айларына туура келет. Көбүнчө жамгыр түрүндө жаайт. Тоолордо (2 500—3 000 *м*ден жогору) кар бир кыйла көп. Кардын калыңдыгы 20—25 *см*ден (тоо этеги м-н адырларда) 90—100 *см*ге (бийик тоолордо) жетет. Фергана кырка тоосунун кыр зонасында кардын калыңдыгы 150 *см*ге жакын. Провинциянын климаттык шарттары түрдүү табигый осүмдүктөрдүн (грек жаңгагы ж. б.) ж-а а. ч. осүмдүктөрүнүн осүшүнө ыңгайлуу. Дыйканчылык 2 600 *м* бийикке чейин өнүккөн (андан жогору да айрым маданий осүмдүктөрдү остүрүүгө мүмкүн).

Түн. Фергана өндүрү суу тармактарының жыштыгы ж-а алардагы суулардын молдугу м-н (айрыкча Фергана кырка тоосунан башталган суулар) айырмаланат. Сууларының жылдык орточо чыгымы: Чаткалдыкы 85,8 *м*³/*сек*, Тардыкы 45,4 *м*³/*сек*, Кара-Суунуку (оң) 39,6 *м*³/*сек*, Жазыныкы 34,8 *м*³/*сек*, Кара-Үңкүрдүкү 28,7 *м*³/*сек*. Агымының орточо модулу 5,0—30,0 *л/сек·км*². Чаткал-Фергана гидрогеологиялык аймакка таандык болгон жер астындагы суулардын запасы да көп. Тоолордо алар негизинен жаракачаларда кезигет, тузсуз; тоо этектери м-н тоо аралык ороондордө жер бетинен 200 *м* тереңдикке чейин тоо тектердин көңдөйчөлөрү м-н кабатчаларында топтолгон, о. эле басым көңдөйчөлөрүндөгү минералдуу ж-а тузсуз суулар жатат. Артезиан бассейндеринин ичинен каптал тибиндеги Сөөк, тоо аралык Чаткал ж. б. суу ресурстары мол.

Провинциянын эң нымдуу бөлүгүнүн (Фергана ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунун түш.-батыш, Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталдары) ландшафты томонкудой бийиктик алкактуулук структурасына бөлүнөт: күңүрт боз ж-а боз күрөң, агыш топурактуу сейрек токойлуу талаа, бийик адырдагы ж-а жапыз тоолордогу эфемерлүү талаа ж-а шалбаа зонасы (900—1 100—1 300 *м*); жалчалуу жапыз тоолор м-н орто бийиктеги тоолордогу токой-шалбаалуу талаа зонасы (1 100—1 300—2 500—2 800 *м*) 2 алкакка бөлүнөт (төмөнкү алкагында кара күрөң тоо токой топурагында грек жаңгагы, түркстан зарагы, алма, алчадан турган токой өсөт; шалбаалуу талаада күрөң тоо топурагы таралган. Жогорку алкагында зарап, карагай ж-а көк карагайлуу токой, түркүн чөптүү-дан өсүмдүктүү шалбаа жайгашкан); тоолуу шалбаа зонасы бадал-шалбаалуу субальп ж-а шалбаа-жаздык сымал осүмдүктүү альп алкактарынан турат; андан бийик гляциалдык-нивалдык зона жатат. Тоо ороондүү Чаткал геокомплексинин ландшафты кургакчыл келет. Аның түн.-батыш капталы 5 бийиктик алкактуулукка — кургак талаалуу тоо этеги, дан өсүмдүк-түркүн чөптүү орто бийиктеги тоолуу талаа (ири чатырдуулар да кездемет), бийик тоолуу субальп шалбаалуу талаасы, бийик тоолуу альп шалбаасы ж-а гляциалдык-нивалдык тилкеге бөлүнөт. Ал эми Фергана кырка тоосунун ушул эле багытта жаткан капталы 7 бийиктик алкактан турат.

Табигый ресурстарының ичинен жер ресурстары эң

кеңири пайдаланылат. Тоо этектери м-н адырлуу зонадагы түздүктөрдү, жантайыңкы капталдарды ж-а дарыя ороондорун калктуу жайлар, сугат ж-а кайрак жерлер (дан, жашылча, тамеки, багбанчылык жүзүм ж. б.) ээлейт. Орто бийик ж-а бийик тоолордогу көп аянттар жайыт катары пайдаланылат. Нефть, газ, юра көмүрүнүн ж-а руда кендеринин негизинде ири о. ж. комплекстери (Кок-Жаңгак, Сумсар, Терек-Сай ж. б.) түзүлгөн. Төмөнкү Нарында кубаттуу ГЭСтер курулууда. Өзгөн таш көмүр бассейни, жер алдындагы суу ресурстары (минералдуу ж. б.), жаңгак-момо токойлору ж. б. келечекте өздөштүрүүгө ыңгайлуу. Түш.-Батыш Тянь-Шань провинциясы 3 округга (Чаткал, Чаткал — Ат-Ойнок, Фергана) бөлүнөт.

Алай — Түркстан провинциясы — Фергана ороонунон түш. тарапта жайгашкан, Тянь-Шань м-н Памир-Алайдын башка табигый аймактарынан кескин айырмаланган тоо-ороон-чуңкурдуктуу кенен аймак. Ал Алай ж-а Түркстан тоо системаларынан (кеңдик багыттагы алдыңкы жалчалары, тоо этектери ж-а адырлары, тоо арасындагы ороондору м-н бирге) турат. Провинциянын аймагы батыштан чыгышка ж-а түш.-чыгышка 550дөй *км*ге созулат. Жазылыгы 50—60 *км*ден (батышында) 100—125 *км*ге (чыгышында) чейин. Аянты 30 миң *км*²ден ашык. Орографиялык негизин Кыргызстандын эң бийик тоолорунун катарына кирген Түркстан ж-а Алай кырка тоолору түзөт. Алай кырка тоосу Тар (Кара-Дарыянын алабы) ж-а Сох (Сыр-Дарыянын алабы) сууларынын башталыш аралыгында догоо сымал ийилип, 400 *км* аралыкка созулат. Анын орточо бийиктиги 4 500 *м*ге жакын, ал эми 5 000 *м*ден ашкан эң бийик жерлери (Таңдыкул чокусу, 5 880 *м*) батыш бөлүгүндө жайгашкан. Түркстан кырка тоосунун Кыргызстандын аймагындагы бөлүгү Алай кырка тоосунан кыска (150 *км*) ж-а жапызыраак (орточо бийиктиги 4 430 *м*) келет. Экөө тең асимметриялык түзүлүштө: түн. капталдары жазы, тектирлүү, түш. капталдары тик, кыска. Башкы кырка тоолордон түндүктө ж-а аларга жарыш (рельефи аскалуу ж-а моңгунун аракетинен пайда болгон) 3 бийиктик-геоморфологиялык алкак жайгашкан: алдыңкы бийик кырка тоолор алкагы (бийиктиги 2 000—5 000 *м*, жазылыгы 25—30 *км*), «40-паралеллдеги ойдундар» алкагы (бийиктиги 900—1 800 *м*, жазылыгы 10—15 *км*), түздүктөр м-н чектелген жапыз тоо этектери ж-а алдыңкы жалчалар алкагы (бийиктиги 1 000—3 000 *м*, жазылыгы 30—40 *км*).

Геологиялык структурасы жагынан Алай-Түркстан провинциясы герцин бүктолүүсүнө байланыштуу болгон Түш. Тянь-Шань тектоникалык областына кирет. Морфоструктуралар негизинен тоо этектеринен бийик тоолорго чейинки тилмеленген рельефти түзгөн палеозойдун ортосунда ж-а аягында пайда болгон, кийин ийилүүгө дуушарланган чокмо ж-а метаморфизмделген тектерден турат. Түн. тарабындагы алдыңкы жалчалардагы карст кубулуштары м-н жарака-карст суулары аки таш тектеринин жер бетине чыгып жатышына байланыштуу. Интрузия тектери (негизинен гранитдиориттен турат) анча көп эмес (болжол м-н провинциянын аймагынын 10—15%). Алардын ичинен Кичи Алай тоосунда ж-а Алай кырка тоосунун борб. бөлүгүндө рельефтин ото аскалуу формасын пайда кылган гранит-диориттердин Кыргыз-Ата массиви кыйла орунду ээлейт. Мезозой-кайнозойдо пайда болгон ар түрдүү литологиялык составдагы чокмо тектер провинциянын түн. ж-а түн.-чыгышындагы тоо этектери м-н жапыз тоолуу райондорду түзүп жатат. Мында рельефке бедленд-чан формасын берип турган түрдүү түстөгү кумдук-чополуу, конгломерат-лёсстуу катмарлар басымдуу. Бул тоо этеги м-н жапыз тоо зонасында катуу сел, орто бийиктеги ж-а бийик тоолордо кочкү, эрозия процесстери жүрөт. Провинциянын тоолору табигый ресурстарга бай. Юра мезгилинде пайда болгон күрөң көмүр (Кызыл-Кыя, Сулуктү, Абшыр, Алмалык ж. б.), палеогендин деңиз чокмо тектеринин арасында топтолгон нефть (Риштан, Чоң-Кара, Жаркутан) ж-а газ (Сары-Камыш) кендери казылып алынууда. Түш. Фергана сымаптуу кырчоосундагы сыман м-н сурьманы казып алуу эл чарбасында чоң маанеге ээ. Курулуш материалдары, жер астындагы суу, дары баткак ж. б-дын ресурстары перспективалуу.

Провинциянын тоолуу түш. бөлүгү Түн. Фергана ондурүнүн ландшафтынан кыйла кургакчылыгы ж-а ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Алай-Түркстан тоо системасына капталдарынын жылаңачтыгы, ото тилмелениши, суу эрозиясы ж-а шар аккан суулары бар терең, тар капчыгайлар мүнөздүү. Ландшафттын катаал болушуна бул жердин бийиктиги, тоо этектеринин литологиялык составынын ар түрдүүлүгү (аймагынын 5—10%ке жакынын интрузия тоо тектери, 20%ин аки таш, мрамор, кумдук, 10%ке жакынын неоген м-н антропогендин конгломераттары ж. б. эсептейт), капталынын тиктиги (аймагынын жарымынын жантаюусу 30°дан жогору), күн инсоляциясынын (нурунун) көптүгү ж-а жаан-чачындын аз болушу таасир тийгизет. Алай кырка тоосунун орографиялык «колекодо» турган түн. капталына жылдык жаан-чачын Фергана кырка тоосундагыдан 2,5 эсе аз түшөт. Түркстан кырка тоосунун түн. капталында 1 700 *м* бийиктө жылдык жаан-чачын 200 *мм*ге гана жетет, 1 200—1 500 *м* бийиктө — 120—140 *мм*. Бул туран тибиндеги чөлдүү климат мүнөздүү болгон Фергана ороонунун таманындагы жаан-чачын м-н бирдей. Булардын бардыгы мында Алай — Түркстан тибиндеги бийиктик зоналардын пайда болушуна алып келген.

Ариддик мүнөздөгү топурак м-н өсүмдүктөрдүн таралышы жылуулукка ж-а нымдалуу шарттарына түздөн түз байланыштуу. Тоо этегиндеги эң жапыз адыр зонасын (1 000—1 300—1 500 *м*) кадимки ж-а күңүрт боз топуракту жарым чөл (көбүнчө Түркстан кырка тоосунун түн. капталы), боз топуракту жапыз ж-а күңүрт бозомук күрөң топуракту орто бийик тоолорду (1 300—1 500—2 000—2 200 *м*) субтроник ландшафтына окшош талаанын ар кандай типтери ээлейт. Мында токой-шалбаалуу талаа зонасы Түн. Фергана ондурүнө караганда башкачараак. Эгер Фергана, Ат-Ойнок ж-а Чаткал кырка тоолорунда жазы жалбыракту токой оссе, Алай-Түркстан провинциясынын орто бийиктеги тоолорунда ж-а бийик тоолорунун этек бөлүгүндөгү (2 000—3 400 *м*) күрөң, куба күрөң, тоо-шалбаалуу талаа топуракту жерлерде арча токою, сейрек токой, талаа ж-а шалбаалуу талаанын ар кандай типтери басымдуу. Арчалуу токой тилкесинин ным, топурак-тоо, селге каршы ж-а санитария-гигиеналык маанисин зор. Бул токойлорду коруккa айландыруу, коргоо режимин жакшыртуу, жаш токой көчөтүн отургузуу ж-а токой чарба жумуштарын жүзөго ашыруу зор маанидеги маселелерден болуп эсептелет. Бийик тоолордо (3 000 *м*ден жогору) табигый шарттар катаал, дайыма суук, аска-гляциалдык альп тибиндеги рельеф кеңири тараган. Субальп ж-а альп шалбаасы (шалбаалуу талаа ж-а чымдактуу, жапалак арчалуу бийик тоо талаасы кошо кездешет) 3 800—4 000 *м* бийикке чейинки жантайыңкы капталдарды ээлейт. Андан жогору түбөлүк тоң, кар, моңгу ж-а жылаңач аскалуу гляциалдык-нивалдык зона жатат. Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарындагы моңгулордун жалпы аянты 872,2 *км*². Тоо этегиндеги түздүктөр м-н тоо арасындагы чуңкурдуктарды ж-а тоо этегиндеги адырлар м-н жапыз ж-а орто бийиктеги тоолордогу дарыя ороондорунун жайылма-тектирлерин негизинен сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт, жайыт катары да пайдаланылат. Мында калктуу жайлар, о. ж. борборлору, ирригация системалары жайгашкан. Орто ж-а бийик тоолордогу талаа ж-а шалбаа ландшафттары түрдүү сезондогу (көбүнчө жайкы ж-а кышкы) жайыт үчүн пайдаланылат. Провинция үч округга бөлүнөт: Түркстан кырка тоосу, Алай кырка тоосунун этектери ж-а Башкы Алай кырка тоосу.

Борб. Азия бийик тоолуу өлкөсү. Табигый шарты Борб. Азияныкына окшош келип, Кыргызстандын түш., түн.-чыгыш чет жакаларына мүнөздүү. Буга Алай, Нура — Кок-Суу ороондору ж-а аларды курчап турган тоолор, СССРдин мамл. чек арасын бойлото кенен тилке түрүндө Фергана кырка тоосунан Нарындын жогорку агымына чейин созулуп жаткан бийик тоо сыртары, о. эле Сары-Жаздын алабында жайгашкан Борб. Тянь-Шандын бүт аймагы кирет. Реси-капын бул тайпак тоолуу сырт бөлүгү башка бардык аймактан ото бийик гипсометриялык абалы, орографиялык жактан туюктугу, рельефинин тоо-ороондуулугу ж-а боксо тоолуу болушу, кескин континенттик ж-а катаал климаттык шарты, көп жылдык тоң м-н моңгунун кеңири таралышы, табиятынын кургактыгы, талаа, чөл ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафттардын басымдуулугу, токойдун жоктугу же сейректиги, аймактын дыйканчылыкка жараксыздыгы ж-а отурукташкан калктын аздыгы м-н айырмаланат. Бул кеңири аймактын табигый шарттарынын жалпысынан бирдей белгилери болгону м-н ар кайсы бөлүгүнүкү ар түрдүүчө. Ал 2 ири табигый-аймактык бирдикке — Ички ж-а Борб. Тянь-Шань сырттарынын тоолуу областына ж-а Памир тоолуу областына бөлүнөт.

Ички ж-а Борб. Тянь-Шань сырттарынын тоолуу областы Борб. Азия бийик тоолуу өлкөсүнүн 33 миң *км*² (81%тен көп) аянтын ээлейт. Анын түш. жаккы көпчүлүк бөлүгү Түш. Тянь-Шань тектоникалык областына, түн.-чыгышындагы бир аз бөлүгү (Нарын, Кара-Сай, Чолок-Капчыгай, Ак-Шыйрак ж-а Эңилчек д-ларынан түн. тарапта жаткан тоо массивдери) Ортоңку Тянь-Шанга кирет. Түш. Тянь-Шандын морфоструктурасына палеозойдун ортосунда ж-а аягында пайда болгон карбонат ж-а терриген катмарларынын кеңири таралышы мүнөздүү. Ортоңку Тянь-Шандын геокомплекстери протерозой граниттери жиреп чыккан гнейс, кристалдуу сланец, амфиболит ж-а мрамор тоо тектеринен турат. Аймактын ички бөлүгүндө бийик кырка тоолор м-н курчалган тоо арасындагы жазы ороондор ж-а чуңкурдуктар орун алган. Алар палеоген-неоген ж-а антропогендин континенттик, байыркы көл, аллювий-пролювий ж-а моңгу чөгүндүлөрү м-н толгон. Ойдундарынын да, тоолорунун да рельефинде соңку тектоникалык кыймылдан деформацияланган байыркы денудациялык түздүктөр жакшы сакталган. О. эле томон ийилген жерлерде ж-а тоолордо байыркы муз каптоонун издери — доңсоо-мореналуу түзүлүштөр, тепши сымал ороондор ж. б. кеңири таралган.

Ички ж-а Борб. Тянь-Шандын сырттарына Ак-Сай — Жогорку Нарын ж-а Борб. Тянь-Шань провинциялары кирет.

Ак-Сай — Жогорку Нарын провинциясы — эң ири (аянты 19 800 *км*²) тоо ороондуу табигый комплекс. Бута кырка тоолордун арасында жайгашкан кенен (узундугу 150—160 *км*, жазылыгы 30—40 *км*) сырт ороондору — Арпа, Ак-Сай, Үзөңгү-Кууш ж-а Жогорку Нарын кирет. Алар ж-а чектеш жаткан кырка тоолор кеңдик багытта созулат. Ал ороондордун тегиз жазы тамандары деңиз деңгээлинен 3 000—3 500 *м* бийикте жайгашкан. Сырт ороондору түштүктөн, түш.-чыгыштан ж-а чыгыштан бийик тоолор (Торугарт, Какшаал, Ак-Шыйрак) м-н чектешет. Ороондордун түндүгүндө ж-а түн.-батышында Жаман-Даван, Ат-Башы, Жаңы-Жер ж. б. кырка тоолор жайгашкан. Догоо сымал ийилген кырка тоолордун ар бирининн кырларынын бийиктиги 4 500 *м* ж-а андан да жогору, ал эми Какшаал кырка тоосунун провинциянын аймагындагы бийиктиги 6 000 *м*ге жетет (Данков чокусу, 5 982 *м*). Ак-Сай — Жогорку Нарын провинциясына тегиз чуңкурдуктар м-н күдүрлүү ороондор — сырттан ж-а кар, моңгулуу бийик кырка тоолор мүнөздүү. Бул аймактарда эрозия процесстерине пачар дуушарланган денудациялык түздүктөр кеңири таралган. Кырка тоолордо ал түздүктөр жалпак чоку, жантайыңкы капталдарга, добоңсоолуу түздүктөр түрүндө (Тескей Ала-Тоо, Жетимбел, Ат-Баши тоолорунда, Какшаалдын түш.-батышында ж. б.) кездешет. Провинциянын климаты кескин континенттик, катаал, жылдык ж-а суткалык температурасы ото озгормолуу. Жогорку Нарын жак болгуу жылуулук режими б-ча арктика климатына жакын. Июлдун орточо температурасы 5°Сден 0°Сге чейин. Жайы салкын ж-а суук. Кышы катаал, январдын орточо температурасы —15°...—26°С. Жылдык жаан-чачыны 200—400 *мм*, көбүнчө жайында жаайт. Ак-Сай, Арпада жайы жылуураак (июлдун орт. температурасы көпчулук болгунде 10°—15°С); кышы ото суук, январдын орточо температурасы —20°С...—25°С, Ак-Сай ороонунун борборунда — Тянь-Шандын «суук уюлунда» —28°С, эң төмөнкү температурасы —51°...—54°С. Жылдык жаанчачыны 170—400 *мм*. Кышында кардын калыңдыгы 25—35 *см*. Бардык жеринде көп жылдык тоң жатат.

Провинциянын айрым бөлүкторүндө бийиктиктин ж-а климаттын ар кандай болушу аның ландшафтына таасирин тийгизет. Деңиз деңгээлинен 3 000—3 600 *м* бийик жайгашкан салыштырмалуу жапыз сырт түздүктөрүнө (Арпа, Ак-Сай, Чатыр-Көл, Үзөңгү-Кууш, Каракол) чөлдүү талаа күрөң топуракту, тоо сулу ж-а бетегелүү талаадан такыр сымал бийик тоо топуракту Борб. Азия тибиндеги кургак (чөл) талаага чейинки бийик тоолуу талаа ландшафты мүнөздүү. Андан бийигирээк (3 600—3 900 *м*) суук чөлдүү шарттагы түзөң ж-а түзөң-дөңсөолуу сырт геокомплекстеринде (Ара-Бел, Тарагай, Кара-Сай, Кок-Ала-Чап, Кара-Керме ж. б.) криофит жаздык сымал өсүмдүктөрү (орок сымал жер жаздык басымдуу) ж-а жапыз оскон талбаа жайкы-күзгү, айрым жерлери кышкы жайыт катары пайдаланылат. Ак-Сай — Жогорку Нарын провинциясының округдары: Ак-Сай — Арпа, Үзөңгү-Кууш — Жогорку Нарын.

Борбордук Тянь-Шань провинциясы орографиялык жактан туюк, тоо-ороондуу табигый комплекс. Ал провинцияны түн. ж-а түш. тарабынан чектеген Какшаал кырка тоосу м-н Тескей Ала-Тоонун аралыгынан орун алган. Провинциянын батыш чек арасы Ак-Шыйрак тоо массивинин кар ж-а моңгу м-н капталган суу бөлгүчү, чыгыш тарабы Меридиан кырка тоосу б-ча отот. Бул Кыргыз ССРинин ж-а Тянь-Шань тоо системасынын эң бийик бөлүгү болуп эсептелет. Анын эң жапыз бөлүгү (2 000 *м*) Кытайдын чек арасына жакын Сары-Жаз д-нын ороонундө, 7 000 *м*ге жеткен (Кан-Тоо чокусу, 6 995 *м*; Жеңиш чокусу, 7 439 *м*) ото бийик жери провинциянын чыгышында жайгашкан. Провинция Борб. Тянь-Шань орографиялык аймагына туура келип, бүт аймагы Сары-Жаз д-нын алабында жатат. Анын аянты 12 900 *км*². Сырт рельефтүү, тоо-ороондуу Борб. Тянь-Шань Ак-Сай — Жогорку Нарын провинциясына караганда ото тилмеленип, кеңдикке жакын багытта созулган кырка тоолордун системасынан турат. Ал тоолор Кан-Төөр тоо тоомунан түш.-батышка салааланып тарайт. Алардын ичинен бийиктиги 5 000—6 000 *м* келген Сары-Жаз, Эңилчек, Кайындысы, Коолу, Теректи ж. б. кырка тоолор провинциянын ички бөлүгүндө жайгашкан. Бардык кырка тоолор бири бирине күүш, терең тилмеленген, узата кеткен ороондор м-н болунот. Бүткүл Борб. Тянь-Шань системасын Сары-Жаз д. түндүктөн түштүктү карай каньон сымал капчыгай аркылуу кесип отот да аны кескин айырмаланган эки болукко болот: батыш (Коолу — Ак-Шыйрак) ж-а чыгыш (Сары-Жаз). Жалпысынан провинцияга эрозиялык терең капчыгайлар, көптөгөн тепши сымал ж-а туурасынан кеткен ороондор, ото тилмеленген бийик тоо рельефи, арсак-терсек кырлар, учтуу чокулар, төрлөр ж. б. моңгунун аракетинен пай-

да болгон рельеф формалары мүнөздүү. Мында байыркы денудациялык түздүктөр сейрек кездешет. Морфоструктуралык түзүлүшүндө палеозойдун (ордовиктен карбонго чейинки) чокмо ж-а метаморфизмделген тектери негизги орунду ээлейт. Провинциянын ортоңку Тянь-Шанга кирген түн. болугундо протерозойдо ж-а палеозойдун башталышы м-н аягында пайда болгон метаморфизмделген чокмо тектер басымдуу. Аларды ар кандай мезгилде пайда болгон интрузия тектери жиреп чыккан. Карбонаттуу тоо тектер — аки таш тектүү сланец, аки таш теги, мрамор, доломит ж. б. кеңири таралган. Чуңкурдуктар м-н ороондор палеоген-неоген мезгилинде пайда болгон борпоң континенттик чокмолордон (конгломераттын, кумдуктун, чопонун, аргиллиттин кызыл түстүү катмарлары) ж-а антропогендин моңгу, аллювий, пролювий чогундулорунон турат.

Провинциянын климаты кескин континенттик, катаал. Ага температуранын жылдык ж-а суткалык амплитудасынын чоңдугу, абанын кургактыгы, жогорку интенсивдүү күн радиациясы (жылына 3 000 саатка жакын күн тийет, бул Ысык-Көлдүн курорт зонасындагыдан кыйла көптүк кылат) мүнөздүү. Жылдык жаан-чачыны ороондордо 200—300 *мм*, тоо капталдарында 300—400 *мм*, гляциалдык-нивалдык зонада 900—1 000 *мм*. Алардын 90%ке жакыны жылдын жылуу мезгилине туура келет. Бууланунун 2 800 *м* бийиктеги өлчөмү жаан-чачындыкынан 3—5 эсе көп. Июлдун орточо температурасы 4°—11°С, январдыкы —13°...—17°С. Кар аз жаагандыктан кышкы жайыт катары пайдаланууга ыңгайлуу. Борб. Тянь-Шань — азыркы кездеги муз каптоонун ири аймагы, андагы моңгунун аянты 2 608 *км*² (Сары-Жаз д-нын алабынын 24%ин ээлейт). Бул жерде Тянь-Шандагы эң ири Эңилчек (түш.) моңгусү жайгашкан, анын узундугу 59 *км*, аянты 613 *км*². Моңгулордун негизги борборлору: Кан-Тегир тоо тоому, Ак-Шыйрак массиви ж-а Тескей Ала-Тоонун түш. капталы. Кар чеги 4 000 *м*ден жогору (4 200—4 450 *м*ге чейин) жатат. Провинция суу тармактарына бай, алар респ-кадагы эң ири дарыялардын бири — Сары-Жаздын алабына кирет. Суусунун молдугу (140 *м*³/*сек*) б-ча ал респ-када 2-орунда (Нарындан кийин). Дарыялары моңгу-кар ж-а кар-моңгу сууларынан куралат.

Борб. Тянь-Шандын ландшафты Ак-Сай — Жогорку Нарын провинциясынын ландшафтына караганда ар түрдүүрөөк. Бийиктик алкактардын структурасы даана байкалат. Төмөндөн жогору карай чөл, кургак талаа, талаа, токой-шалбаалуу талаа, субальп, альп, тундра, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактарына ажырайт. Тоолуу күрөң чөл топурактуу тегизделген тектирлерди, конус шилендилерин ж-а тоо капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн (2 000—2 500—3 000 *м*) шыбак, баялыштуу чөл ээлейт. Борб. Азия тибиндеги талаа (бетеге-птилагростиштүү) ж-а кургак талаа (дан осумдуктүү-шыбактуу, дан осумдуктүү) кең кездешет. Токойшалбаалуу талаа тилкеси 2 700—3 200 *м* бийикте жайгашкан, бирок бардык жерде текши таралган эмес. Токойдо ийне жалбырактуулардан Шренк карагайы, жазы жалбырактуулардан кайың (сейрек) осот. Аймактын кургакчылыгына байланыштуу андагы карагайлар ксерофиттик мүнөздө, талаа, шалбаалуу талаа, субальп, альп ландшафттары малга жайыт катары пайдаланылат. Минерал ж-а суу ресурстарына бай. Борб. Тянь-Шань провинциясынын округдары: Кеолу — Ак-Шыйрак, Сары-Жаз.

Памирдин Кыргызстандын аймагына кирип жаткан чет жакалары Түн. Памир провинциясын түзөт. Ал кеңдик багытта жазы тилкеде 200 *км*ге созулуп жатат, жазылыгы 50 *км*ден ашык. Провинция Алай ороонун, Чоң-Алайдын түн. капталын ж-а Алай кырка тоосунун түш. капталынын бир бөлүгүн, о. эле Кызыл-Суу д-нын (Тарим) куймаларынын алабын камтыйт. Провинциянын аянты 6 640 *км*². Түн. Памир провинциясында таманы тегиз кенен Алай ороону борб. абалды ээлейт. Анын кууш (жазылыгы 3—7 *км*) батыш бөлүгү (Чоң-Алай) деңиз деңгээлинен 2 200—3 000 *м* бийикте, чыгыш жайык (27 *км*ге чейин) бөлүгү (Баш-Алай) андан да жогору (Тоң-Мурун ашуусу, 3 536 *м*) жайгашкан. Орточо бийиктиги 3 000 *м*ге жакын. Рельефин анча тилмеленбеген, батыш тарапка жантайыңкы аккумуляциялык түздүк түзөт. Анда кум-чополуу жайылмалар, жумуру таштуу, кум-конгломераттуу тегиз аллювий тектирлер, антропоген мезгилинде пайда болгон добо-жалчалуу морена рельефтери («чуңкурлар»), шагыл-жумуру таштуу, кумай-чополуу пролювий катмарлары кездешет. Өлкөдөгү эң ири кырка тоолордун бири — Чоң-Алай кырка тоосу мезозой, кайнозойдун калың чокмо тектеринен түзүлгөн. Анын орточо бийиктиги 6 000 *м*ге жакын, эң бийик жери — Ленин атн. чоку, 7 134 *м*. Кырка тоонун түн. капталы тик, дайыма кар жатат, кууш капчыгайлар ж-а моңгулуу тепши сымал ороондор м-н тилмеленген. Ороондун баш жагында кенен торлор орун алган. Алай кырка тоосу Чоң-Алайдан жапызыраак (бийиктиги 5 000 *м*ге жетет). Анын Алай ороонуно караган түш. капталы кыска (10—15 *км*), тик, палеозойдо дислокацияланган деңиз катмарынан түзүлгөн. Меридиан багытында созулган тоо аралык Көк-Суу — Кызыл-Суу ороону 2 800—3 500 *м* бийикте жайгашкан. Өрөөн эрозиялык тектирлүү депрессия, аны курчаган кырка тоолордун (палеозойдун орто чөнүндө пайда болгон аки таш тегинен, кварцит ж-а кумдуктан турат) капталдары ото тилмеленген.

Провинциянын климаты кескин континенттик, кургакчыл. Жайы жылуу, кышы ото суук, кар узак жатат. Кыш мезгилиндеги кардын орточо калыңдыгы 30—60 *см*. Эң төмөнкү температурасы орто эсеп м-н —40°... —42°С. Жылдык орточо температурасы Алай ороонунун борб. болугундо —37°С. Алай ороонунун жылуу төмөнкү ж-а батыш бөлүктөрүндө июлдун орточо температурасы 20°Сден 10°Сге чейин, январдыкы —15°... —20°С. Жылуу мезгили 3—3,5 ай, жылдык жаан-чачыны 300—330 *мм*, суук мезгилдин узактыгы 5—5,5 ай. Алайдын бийик жайгашкан чыгыш бөлүгү м-н Таримдин алабындагы тоолуу ороондордун климаты ото катаал ж-а кургакчыл. Мында жылдык жаан-чачыны 200—300 *мм*, Эркеч-Тамда 190 *мм*. Суук мезгили 7 айга чейин созулат. Тоо капталдарынын климаты бийиктик алкактуулук закон ченемине ылайык тоо этектеринде анча суук эмес климаттан нивалдык-гляциалдык зонадагы аязду климатка чейин өзгөрөт. Жылдык жаан-чачыны 400—500 *мм*. Кар чеги 4 200—4 800 *м* бийиктен өтөт. Батыш ж-а Чыгыш Кызыл-Суунун алаптарындагы моңгулордун жалпы аянты 875,5 *км*². Дарыялары кар-моңгу ж-а моңгу-кар сууларынан куралат. Көп жылдык орт. агымынын модулу 20,0—30,0 *л/сек·км*². Провинциянын башкы дарыясы — Кызыл-Суунун (Батыш) жылдык орточо чыгымы 65 *м*³/*сек*.

Провинцияга ариддик ландшафт мүнөздүү. Алай ороонунун төмөнкү бөлүгүндөгү байыркы тегизделген тектирлер м-н тоо этегиндеги түздүктөрдү (2 500 *м*ге чейин) ачык күрөң топурактуу, шыбактуу жарым чөл ж-а чымдак талаа ээлейт. Ороондун ортоңку ж-а жогорку бөлүктөрүндө, субальп алкагында кара күрөң топурактуу, ак кылкан бетегелүү талаа басымдуулук кылат. Дарыя тектирлеринде кумдуу ж-а жумуру таштуу тилке, шалбаалуу аймактар кезигет. Тарим д-нын алабындагы тоолуу ороондордо талаа ландшафтына мүнөздүү осумдуктор, Көк-Суунун алабында ж-а Нура суусунун оң жээгинде гана карагай, сейрек арча токою осот. Чоң-Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүнүн түн. капталдарында төмөндөн жогору карай тоолуу субальп талаасы, субальп шалбаасы, доңуз сырттуу жапыз оскон альп шалбаасы, доңуз сырттуу осумдуктор, аска, шагыл, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары жатат. Провинциянын башка кырка тоолорунда бийиктик алкактар туташ тилкени түзбөй, кургакчылыгы м-н айырмаланат. Сел, кар көчкү, жер көчкү ж. б. гравитациялык процесстер болуп туруучу аска-таштуу беттер чоң аянтты ээлейт. Булар Чоң-Алай кырка тоосуна

да мүнөздүү. Деңиз деңгээлинен 3 000 *м*ден жогору дээрлик бардык жерде коп жылдык тоң кыртыштар ж-а ага байланыштуу табигый комплекстер арбын кездешет. Тоң-Мурун (Баш-Алай) аймагында, Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталында ж. б. жерлерде карст ландшафты кезигет. Провинциянын бир аз жери (15 миң *га*) — Алай ороонунун жапыз бөлүгү (3 000 *м*ге чейинки) ж-а Нурадын ороондугу тектирлер м-н тоо этектеринин айрым жерлери дыйканчылыкка пайдаланып, дан эгиндери (буудай, кара буудай, арпа), тоют өсумдуктөрү, картошка, буурчак ж. б. айдалат. Калган аймагы (4 000 *м* бийиктикке чейин) мал чарбачылыгы (кой, уй, топоз, жылкы) үчүн жайыт катары пайдаланылат. Алай ороону — Кыргызстандын респ-калар аралык маанидеги эң ири жайкы мал жайыттарынын бири. Анын 367 миң *га* аянтын Өзбек ж-а Тажик респкалары арендага алып, анда жүз миңдеген малын асырайт. Саздак жерлердеги ж-а жайылмалардагы малбааларда чөп чабылат. Түн. Памир провинциясынын округдары: Алай ороону, Чоң-Алай кырка тоосу, Нура — Көк-Суу.

С. Омурзаков

ТАБИЯТТЫ КОРГОО

Табият ж-а анын ресурстары респ-канын эл чарбасынын өнүгүшүнүн табигый негизи болуу м-н элдин материалдык ж-а маданий өсүшүнүн булагы катары да кызмат кылат. Табигый ресурстарды пландуу ж-а үнөмдүү пайдалануу милдеттери тийиштүү мамл. мекемелердин, жалпы коомчулуктун көзөмөлүнө алынган. 1962-ж. Кыргыз ССРинде табиятты коргоо ж-до атайын закон, о. эле партия м-н өкмөттүн бир катар токтомдору («Ысык-Көлдүн жээгиндеги курулуштарды жөнгө салуу, кол байлыктарын кайрадан өнүктүрүү жана рационалдуу пайдалануу, анын табигый чойросун коргоо жөнүндө», 1974; «Кыргыз ССРинин аймагында заказниктердин тармактарын уюштуруу жана мамлекеттик коргоого алынган жаныбарлар менен өсумдуктөрдүн тизмесин бекитүү жөнүндө», 1975 ж. б.) кабыл алынган.

Табияттын чарбада пайдаланылган ж-а пайдаланыла элек байлыктары — жер, кен, агын ж-а жер астындагы суулар, фауна, флора, атмосфералык аба ж. б. табигый ресурстар мамлекет тарабынан коргоого алынган. Табиятты коргоо б-ча жалпы пландаштыруунун Кыргыз ССР мамл. пландоо комитети жүргүзөт. Респ-канын а. ч., мелиорация ж-а суу чарба министерстволору суу ресурстарынын рационалдуу пайдаланылышын көзөмөлдөйт, колмолордү коргойт, тазалоочу курулмаларды (андай курулмалар респ-када 411) ж-а мелиорациялык системаларды контролдойт, о. эле шор жерлерди азайтуу чараларын жүргүзөт. Респ-канын саламаттык сактоо министерствосу сыртқы чойронун, анын ичинде агын ж-а жер астындагы суулардын таза болушун камсыз кылууга байланыштуу жумуштарды аткарат; Кыргыз ССРинин токой чарба мамл. комитети токойду калыбына келтирүү ж-а анын аянтын көчөттордун эсебинен кеңейтүү чараларын көрөт (комитетке 25 токой чарбасы, 114 токой участкасы, 1 көргөзмө-тажрыйба участкасы, 1 адистештирилген орт очүргүч-химиялык станция, токойду зыянкечтерден ж-а илдеттен коргоо б-ча 1 атайын отряд кирет); Респ-канын гидрометеорология ж-а табигый чойрону контролдоо башкармасы суунун абалын, кыртыштын тазалыгын көзөмөлдоо б-ча иш алып барат. Респ-канын табиятын коргоодогу көптөгөн иш-чараларды координдук уюмдар — Кыргыз ССР ИАга караштуу табиятты коргоо б-ча комиссия, Эл депутаттарынын жогорку ж-а жерг. советтерине караштуу табиятты коргоо б-ча туруктуу комиссиялар, Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу табигый чойрону коргоонун комплекстик проблемалары ж-а жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу б-ча ведомстволор аралык илимий-техникалык совет, Кыргызстан ЛКЖС БКга караштуу табиятты коргоо б-ча совет, Кыргыз ССР журналисттер союзуна караштуу табиятты коргоо ж-а туризм б-ча маселелерди чагылдыруучу журналисттер секциясы, Кыргыз ССРинин табиятты коргоо коому (1964-ж. уюшулган, председатели — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели), жалпы билим берүүчү мектептердин табиятты коргоо пайримдери жүргүзөт. 1980-ж. коомчулуктун демилгеси м-н 4 млндон ашуун дарак-бадалдарды көчөттору тигилип, 160 *км*дей жолдун ж-а сугат каналдарынын жээктери жашылдандырылган. Респ-канын токой чарбасынын жалпы фондусуна (2,6 млн *га*) 1 700 токой ж-а опор жай-бак даректуу зоналары кирет.

Эмгекчилердин арасында табиятты коргоо б-ча кеңири агитация-массалык иш-чаралар жүргүзүлөт. Дайыма жүргүзүлүүчү лекциялык пропагандадан тышкары Кыргыз ССР табиятты коргоо коомунун борб. Советинин президиуму тарабынан табиятты коргоо б-ча массалык тираждагы китептер ж-а китепчелер чыгарылат.



Ала-Арча суусун анализдөө.

Өнүчү 5 жылдыкта «Адам жана жаратылыш» жыйнагынын 6 саны, 15 китепче, табиятты коргоого арналган 200дөн ашуун көрсөтмө ж-а плакаттар жарыкка чыгып, «Ысык-Көл бүгүн жана эртең» аттуу кең экрандуу түстүү кинофильм тартылды. Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык 1982-ж. Кыргыз ССРинин Кызыл китеби чыгып, ал китепке респ-канын аймагында сейрек кезигүүчү жаныбарлар м-н өсумдүктөр катталган. Түшүмдүн, гүлдөрдүн, канаттууларды коргоонун, балдардын табиятты коргоого арналган сүрөттөрүнүн атайын көргөзмөлөрү уюштурулат. Фрунзе ш-нда Жаратылыш үйү уюшулган. Респ-када фаунадардан сүт эмүүчүлөрдүн 13, канаттуулардын 20, балыктын 1 (түркстан жаяны), сойлоочулардын 3, курт-кумурскалардын 5 түрү, флорадан жыгач-бадал ж-а чөп өсумдүктөрүнүн 65 түрү өзгөчө коргоого алынган. Кыргызстанда 16 ачылыш, 1 комплекстүү (Ак-Суу), 10 токой, 21 ботаникалык, 18 геологиялык заказниктер, 1 кыргоол өстүрүүчү рассадник, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында жайгашкан Ала-Арча канчылайындагы «Ала-Арча» табигый паркы (аянты 19,5 миң *га*) уюшулуп (1976), коргоого алынган. Парктын негизги милдети — жерг. жаныбарларды ж-а өсумдүктөрдү коргоо ж-а аларды калыбына келтирүү, эмгекчилердин эс алуусун ж-а массалык туризмди оркүндөтүү.

Респ-када 3 мамл. корук бар. Ысык-Көл коругу 1948-ж. уюшулган; ага Ысык-Көл акваториясы ж-а көлдөн 2 *км*ге чейинки жээк тилкеси кирет; кургактык аянты 2 309 *га*, акваториясыныкы 6 236 *км*². Коруктун негизги милдети — сууда сүзүүчү канаттууларды, жээк фаунасын ж-а флорасын коргоо, балык промысселин



Чуцкурчакта.

козомолдоо. Ак куу, кызыл тумшук ордок (соно), кашкалдак, боз каздар атайын коргоого алынган. Коруктa 1966-жылдан фауналарды ил. жактан изилдоо иштери жүргүзүлүүдө. Сары-Челек коругу 1959-ж. уюшулган; аянты 23,9 миң *га*, мында 7 кол бар, эң чоңу — Сары-Челек (аянты 4,92 *км*²). Коруктун негизги милдети — жаңгак-момо токой комплексин, анын фаунасын коргоо ж-а көбөйтүү. Коруктун аймагында жыгачтын 32, бадалдын 80, чөп өсүмдүктөрүнүн 886 түрү өсөт; сүт эмүүчүлөрдүн 32, канаттуулардын 157



Сары-Челек.

түрү мекендейт. Зубр, элик-багыш, европа бугусу байырлаштырылган. Беш-Арал коругу 1979-ж. уюшулган; аянты 18,2 миң *га*. Коруктун негизги милдети — эталон катары алынган бийик тоолуу кургак талаа участкаларындагы түрдүү жыгач-бадал ж-а чөп өсүмдүктөрдү, жаныбарларды калыбына келтирүү, изилдөө ж-а коргоо. Алдагы өсүмдүктөрдүн кончулук түрү Батыш Тянь-Шань м-н Чаткалдын эндемиги болуп эсептелет. Коруктү мекендеген илбирс, кызыл карышкыр, орок тумшук чулдук, маңка каз СССРдин Кызыл китебине катталган.

С. Т. Пасечник

Ад.: Жалпы эмгектер. Северцов Н. А., Путешествия по Туркестанскому краю и исследование горной страны Тянь-Шаня, совершённое по поручению императорского Русского географического общества доктором зоологии Н. Северцовым, СПБ, 1873, 461 с.; Мушкетов И. В., Собр. соч., вып. 1, 1872—1882, СПБ, 1910, 611 с.; Семёнов-Тян-Шанский П. П., Путешествие в Тянь-Шань в 1855—57 гг., М., 1948, 381 с.; Природа Киргизии, Фр., 1962, 297 с.; Токомбаев Ш., Чоң-Кемин ороону, Фр., 1964; Картавов М. М., Исаев А., Природные богатства Киргизии — на службу народу, Фр., 1970, 76 с.; Исаев А., Картавов М. М., Жаратылыш — биздин байлык, Фр., 1971, 71 б.; Беренс К. Р., Под небом горной Киргизии, Фр., 1972, 159 с.; Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972, Койчиев М., Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер, Фр., 1975; Биогеографические аспекты растительного и животного мира Прииссыккулья, Фр., 1975, 134 с.; Природа и человек, Фр., 1977, 63.; Биогеографические исследования в Тянь-Шане, Фр., 1978, 148 с.

Кыргызстандын аймагындагы географиялык изилдоолордун тарыхы. Географические исследования высокогорных районов Киргизии. Фр., 1973, 100 с.; Исаев А., Картавов М. М., По Северному Тянь-Шаню, Фр., 1975, 66 с.; Омурзаков С., Тар жол, тайгак кечүү менен, Фр., 1963; Проблемы географии Киргизии, Фр., 1975, 29 с.; Умуразаков С., Очерки по истории географических открытий и исследований Киргизии, Фр., 1959, 150 с.

Рельеф. Структурная геоморфология горных стран. Материалы к 10 пленуму геоморфологических комиссий АН СССР, Фр., 1973, 211 с.; Равнины и горы Средней Азии и Казахстана. М., 1975, 264 с.; Геолого-географические особенности и сейсмичность территории Киргизии, Фр., 1978, 105 с.; Озеро Иссык-Куль. Очерки по физической географии, Фр., 1978, 210 с.; Проблемы горного ландшафтоведения, Фр., 1979, 76 с.; Исаев Д. И., Глушкова М. И., Алиев З. А. [и др.], Рельеф Киргизии, Фр., 1964; Закономерности развития рельефа и ледников Тянь-Шаня, Фр., 1980, 110 с.

Геологиялык түзүлүшү. Инженердик геология. Кашин Н. А., Кашина С. С., Каменные строительные материалы Киргизской ССР. Фр., 1975, 28 с.; Новые данные по геологии и нефтегазоносности Киргизии, Фр., 1975, 128 с.; Геология СССР, т. 25, Киргизская ССР, М., 1977, 152 с.; Геологическая изученность СССР, т. 46, Киргизская ССР, Фр., 1979, 947 с.


Кен байлыктары. Сыдыков К., Богатства недр Киргизии и их использование, Фр., 1969, 78 с.; Кашина С. С., Кашин Н. А., Нерудные полезные ископаемые Киргизии и рекомендации по их использованию, Фр., 1973, 28 с.; Геология и полезные ископаемые Киргизии, Фр., 1974, 171 с.; Методика и техника геохимических поисков рудных месторождений, Фр., 1975, 442 с.; Физико-химические основы переработки минерального сырья Киргизии, Фр., 1975, 188 с.; Батырчаев И. Е., Природные соли Киргизии и их использование. Фр., 1976, 127 с.; Григоренко П. Г., Подземные воды бассейна р. Чу и перспективы их использования, Фр., 1979, 186 с.; Основные закономерности размещения месторождений цветных и редких металлов Тянь-Шаня, Фр., 1979, 182 с.

Климаты. Кулашкин В. А., Аба ырайы жана дыйканчылык, Ф., 1964, 44 б.; Субботина О. И., Влияние орографии на температурный режим в горах Средней Азии, Л., 1971, 123 с.; Пономаренко П. Н., Селоустьев А. В., Климат горного края, Фр., 1972, 100 с.; Пономаренко П. Н., Атмосферные осадки Киргизии, Фр., 1976, 134 с.; Каримов К. А., Динамика воздушных течений в нижней атмосфере и её связь с процессами в тропостратосфере, Фр., 1976, 179 с.; Гидрометеорология озёр и водохранилищ Средней Азии, М., 1978, 116 с.; Региональная структура динамических процессов средней атмосферы, Фр., 1979, 26 с.

Мөңгүлөру. Горбунов А. П., Вечная мерзлота Тянь-Шаня, Фр., 1967, 165 с.; Сыдыков Э., Ороло-жоев Б., Мөңгү суулары — жер байлыгы, Фр., 1972, 112 б.; Бондарев Л. Г., Влияние тектоники на эволюции ледников и формирование гляциального рельефа, Фр., 1976, 134 с.; Оледенение Тянь-Шаня, Фр., 1976, 112 с.; Динамика и режим современного и древнего оледенения Тянь-Шаня, Фр., 1977, 144 с.

Суулары. Большаков М. Н., Шпак В. Г., Водноэнергетические ресурсы Киргизской ССР, Фр., 1960, 254 с.; Талмаза В. Ф., Крошкин А. Н., Гидроморфометрические характеристики горных рек, Фр., 1968, 204 с.; Большаков М. Н., Водные ресурсы рек Северного Тянь-Шаня и методы их расчёта, Фр., 1974, 307 с.; Гидрогеологические и инженерно-геологические условия бассейна верхнего течения р. Нарын, Фр., 1975., 181 с.; Лагутин Е. И., Жер алдындагы суулар — Кыргызстандын жайыттарына, Фр., 1976, 88 б.; Озеро Иссык-Куль. Очерки по физической географии, Фр., 1978, 210 с.; Ресурсы поверхностных вод СССР., т. 14, Средняя Азия, вып. 2, Киргизия, Л., 1978, 64 с.; Шнитников А. В., Иссык-Куль: природа, охрана и перспективы использования озера, Фр., 1979, 85 с.

Топурагы. Мамытов А., Ройченко Г. И., Почвенное районирование Киргизии. Фр., 1961, 154 с.; Жерди эффективдүү пайдаланалы. Китепте: Дыйканчылыктын жана мал чарбасынын маданиятын жогорулатуу үчүн. Фр., 1969, 16—23-б.; Мамытов А., Ройченко Г. И., Горно-лесные и горно-луговые почвы Тянь-Шаня и Памиро-Алая. Фр., 1970, 223 с.; Мамытов А., Почвенные ресурсы и вопросы земельного кадастра Киргизской ССР. Фр., 1974, 165 с.; Почвы Киргизской ССР, Фр., 1974, 418 с.; Мамытов А., Воронов С. И., Особенности почвенного покрова и биологическая продуктивность почв Киргизии, Фр., 1979, 68 с.



Табияты. 1. Кыргыз Ала-Тоосу. 2. Сары-Жаз кырка тоосу. Түгөл-Сай. 3. Ак-Шыйрак кырка тоосу. Петров мөңгүсү. 4. Суусамыр өрөөнүнүн Тээ-Ашуу туштагы бөлүгү. 5. Ак-Суу капчыгайы. Ак-Суу району. 6. Кечки Ысык-Көл. 7. Талас Ала-Тоосу. Алдыңкы планда Беш-Таш көлү.



Табияты. 1. Чычкан өрөөнү. 2. Чоң Алай кырка тоосу. 3. Кызыл-Үңкүр өрөөнү. Алдыңкы планда Кызыл-Үңкүр кыш. 4. Карагой. Ноокат р-ну. 5. Чаткал өрөөнүнүн Жаңы-Базар туштагы бөлүгү. 6. Нарын дарыясы.

Өсүмдүктөрү. Флора Киргизской ССР, Фр., 1952—1965, тт. I—II; Ткаченко В. И., Деревья и кустарники дикорастущей флоры Киргизии и их интродукция, Фр., 1972, 347 с.; Интродукция и акклиматизация древесных, кустарниковых и плодовых растений, Фр., 1974, 125 с.; Головкова А. Г., Өсүмдүктөр дүйнөсүнө сапкат, Фр., 1975, 72 б.; Выходцев И. В., Растительность Тянь-Шано-Алайского горного сооружения, Фр., 1976, 219 с.; Интродукция, акклиматизация и селекция цветочно-декоративных растений Киргизии, Фр., 1978, 116 с.; Соболев Л. Н., Методика эколого-типологического исследования земель, Фр., 1978, 112 с.; Экосистемные исследования в лесах Тянь-Шаня, Фр., 1978, 138 с.; Быков Б. А., Очерки истории растительного мира Казахстана и Средней Азии, А. -А., 1979, 108 с.; Растительный покров Киргизии, его рациональное использование и охрана, Фр., 1979, 178 с.


Жаныбарлары. Северцов Н. А., Вертикальное и горизонтальное распространение туркестанских животных, М., 1873, 157 с.; Шнитников В. Н., Птицы Семиречья, Л., 1949, 103 с.; Токтосунов А., Грызуны Киргизии, Фр., 1958; Яковлева И. Д., Пресмыкающиеся Киргизии, Фр., 1964, 272 с.; Турдаков Ф. А., Рыбы Киргизии, 2 изд., Фр., 1963; Беренс К. Р., Тюрин П. С., Очеки о птицах и зверях Киргизии, Фр., 1967, 147 с.; Янушевич А. И., Тарбинский Ю. С., Животный мир Киргизии, Фр., 1968, 146 с.; Кыдыралиев А., Тянь-Шань тоолорунун жаныбарлар дүйнөсүндө, Фр., 1971, 135 б.; Янушевич А. И., Кыргызстанда сейрек кездешүүчү айбандар жана канаттуулар, Фр., 1972, 29 б.; Млекопитающие Киргизии, Фр., 1972, 363 с.; Бродский К. А., Горный поток Тянь-Шаня. Эколого-фаунистический очерк, Л., 1976, 243 с.; Энтомологические исследования в Киргизии, Фр., 1976, 104 с.; Иманов Ж., Кыргызстандын балык чарбасы, Фр., 1980.

Ландшафты. Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, А.-А., 1964, 372 с.; Структура и динамика компонентов природы Тянь-Шаня, Фр., 1973, 100 с.; Проблемы горного ландшафтоведения, Фр., 1979, 76 с.; Сахарова О. Д., Алай өрөөнүнүн ландшафттары жана аны айыл чарба максаттары үчүн райондоштуруу, Фр., 1979, 128 б.; Азыкова Э. К., Криницкая Р. Р., Ландшафты Киргизии и задачи их дальнейшего изучения, в кн.: Развитие географических наук в Киргизии, Фр., 1980, с. 119—131.

Физика-географиялык райондоштуруу. Шульц С. С., Новейшая тектоника и рельеф Тянь-Шаня, М., 1948, 222 с.; Выходцев И. В., Вертикальная поясность растительности в Киргизии (Тянь-Шань и Алай), М., 1956, 84 с.; Раицман Е. Я., Геоморфология Иссык-Кульской котловины и её горного обрамления, М., 1959, 88 с.; Мамытов А. М., Ройченко Г. И., Почвенное районирование Киргизии, Фр., 1961, 155 с.; Материалы научной конференции по природному и экономическому районированию Киргизской ССР, «Изв. филиала Всесоюзного географического общества», вып. 3, Фр., 1961, с. 203—205; Головкова А. Г., Геоботаническое районирование Центрального Тянь-Шаня, Фр., 1962, 140 с.; Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, А.-А., 1964, 373 с.; Токомбаев Ш., Чоң-Кемин өрөөнү, Фр., 1964, 65 б.; Средняя Азия, М., 1968, 484 с.; Физико-географическое районирование СССР, М., 1968, 576 с.; Равнины и горы Средней Азии и Казахстана, М., 1975, 264 с.; Озёра Тянь-Шаня и их история. Физическая география и палеогеография, Л., 1980, 230 с.; Природные условия Киргизии, их изучение и рациональное использование, Фр., 1980, 144 с.; Развитие географических наук в Киргизии, Фр., 1980, 163 с.; Современные проблемы географии Киргизии, Фр., 1980, 167 с.

Табиятты коргоо. Янушевич А. И., Редкие звери и птицы Киргизии, Фр., 1972, 28 с.; его же, Заповедники и заказники Киргизии, Фр., 1978, 22 с.; Пасечник С. Т., Туристам о природе, Фр., 1974, 50 с.; Абылгазиев Б., Водные ресурсы Киргизии и их охрана, Фр., 1975, 107 с.; Абдылдаев Т., Характер взаимоотношения общества и природы в условиях научно-технической революции, Фр., 1976, 136 с.; Материалы 3 съезда Киргизского республиканского общества охраны природы, Фр., 1976, 80 с.; Джайчибаев Д., Земельно-водные ресурсы Киргизии, пути их рационального использования и охрана, Фр., 1977, 115 с.; Чичкин Ю. Н., Единственные в мире, Фр., 1977, 148 с.; Проблемы биоэкологии животных и растений и охрана окружающей среды, Фр., 1980, 62 с.; Алиев З., Аминов С., Жаратылышты коргоо, Фр., 1980, 61 б.; Кулматов Т., Шакирбеков Д., Жаратылыш жабыркабасын, Фр., 1982.

КАЛКЫ



Кара-Балтадагы төрөт үйүндө

Кыргызстан калкынын саны б-ча СССРдин союздаш респ-каларынын ичинен 10-орунду, О. Азиядагы респ-каларда Өзбекстан м-н Тажикстандан кийинки 3-орунду ээлейт. 1979-жылдагы эл каттоо б-ча Кыргызстанда 3 529 миң адам жашаган.

Калктын саны жана өсүшү. Кыргызстанда калктын саны өтө тез өсүүдө. 1913—80-жылдарда Советтер Союзунун калкы 1,6 эсе көбөйсө, Кыргызстанда 4 эсе өскөн. Калктын көбөйүшүнүн башкы булагы — табигый өсүш. Рев-яга чейин ар 1 000 кишиге жылына 46—47 бала төрөлгөн. Бирок жаңы төрөлгөндөрдүн өлүмү орто эсеп м-н жылына 35—40%ти түзүп, калктын табигый өсүшү ар 1 000 кишиге 5—8 адамдан ашкан эмес, ал эми айрым жылдарда (ачарчылык) калктын абсолюттук саны кескин кыскарган. Калктын жалпы саны жай өскөн (жылына орточо 1,6%). Өмүрдүн орточо узактыгы падышалык Россиядагыга караганда алда канча кыска болгон.

Улуу Октябрь соц. рев-ясынан кийин Кыргызстандын калкынын саны ылдам көбөйө баштады. 1913—76-жылдарда калктын саны жылына орточо 4,5%тен өссө, 70-жылдарда жылдык өсүш туруктуу 2,07%ти түзгөн.

Калктын саны
(эл каттоо маалыматы б-ча)

Жылы	Калктын саны (миң эсебинде)	Анын ичинен	
		шаар калкы	айыл калкы
1897	663	49	614
1913	864	106	758
1926	1002	122	880
1939	1458	270	1188
1959	2066	696	1370
1970	2933	1098	1836
1979	3523	1366	2163

Калктын тез көбөйүшү анын табигый өсүшүнө, о. эле калктын оошуна (миграциясына) байланыштуу. Кыргызстандын калкынын табигый өсүшү туруктуу келет (жылдык өсүш респ-када ар 1 000 кишиге 32—22,3, СССР б-ча 17,5—8,3 адамды түзөт). Кыргызстанда социализмдин жеңиши м-н кишинин ооруусу ж-а өлүмү кескин азайды. Мис., Совет бийлиги жылдарында адамдын өлүмү 6 эсе, анын ичинде балдардын өлүмү 10 эседен ашык төмөндөгөн.

Респ-када, айрыкча жерг. улут басымдуулук кылган айыл жерлеринде (Нарын, Ош обл-тарында) бала али да көп төрөлөт. 1979-ж. Кыргызстанда төрөлгөн балдардын саны 1 000 кишиге 30,4 адамды түзсө, ал эми СССР б-ча орто эсеп м-н 18,2 адам болгон. Баланын мындай

Калктын табигый өсүшү
(эл каттоо маалыматы б-ча)

Жылы	Төрөлгөндөрдүн саны	Өлгөндөрдүн саны	Табигый өсүшү	Калктын 1000 кишисине эсептегенде	
				төрөлгөндөрдүн саны	өлгөндөрдүн саны
1940	51416	25339	26077	33,0	16,3
1965	80812	16693	64119	31,4	6,5
1970	90442	21828	68614	30,6	7,4
1975	101287	26920	74367	30,8	8,2
1979	107091	29578	77513	30,2	8,3


көп төрөлүшү калктын этнографиялык составынын өзгөчөлүгүнө, үй-бүло ж-а турмуш мамилелеринин ботөнчөлүгүнө, жерг. калктын кыздарынын турмушка эрте чыгышына байланыштуу. 1959-жылкы эл каттоо б-ча никелүү 1 000 аялдын 16—19 жаштагысы СССР б-ча орто эсеп м-н 112, Кыргыз ССРи б-ча 269 киши болгон; ал эми 1979-жылкы эл каттоодо 141 адамды түзүп, эрте никелешүүнүн саны азайган. Кыргызстанда көп балалуу үй-бүлөнүн ж-а анын булосүнүн саны жалпы союздукунан жогору. Эгерде 1959- ж-а 1970-жылдардагы эл каттоолордо СССР б-ча үй-бүло мүчолорүнүн орточо саны өзгөрүүсүз калса, Кыргызстанда алардын саны 4,2ден 4,6га жеткен. 1979-жылкы эл каттоо б-ча СССРде үй-бүло мүчолорүнүн орточо саны 3,5 (шаарда — 3,3; кыштакта — 3,8) киши, респ-када 4,6 (3,8; 5,3) киши болгон. 1979-ж. СССРде 5 ж-а андан көп балалуу үй-бүлөлөр жалпы үй-бүлөнүн 18,4%ин, Кыргыз ССРинде 41,5%ин түзгөн. Совет бийлиги жылдары респ-канын калкынын орточо өмүрү узарды. Өмүрдүн узактыгы кескин жогорулады. 1938-жылы жалпы союздук деңгээлге жакындап, 43,4 жашка жеткен; 70-жылдардын ортосунда респ-када өмүрдүн орточо узактыгы 69,1 жаш болгон.

Калктын көбөйүшүнүн маанилүү булагынын бири — калктын сырткы оошу (миграциясы). Респ-канын ыңгайлуу табигый климаттык шарты ж-а экономикасы м-н маданиятынын тез өсүшү келгиндерди кызыктырат. Мурда кыргыздар дээрлик өз аймагында жашап, О. Азиядагы коңшу респ-каларга ж-а Казакстанга гана барчу. Респ-кадан сырткары жашаган кыргыздар 1959-ж. 0,5%, 1970-ж. 0,8%, 1979-ж. 1,2%ти түзгөн. Кыргыздардын 70-жылдардагы миграциясынын ургаалдыгы жалпы союздукунан 2,3 эсе төмөн. Респ-кага башка улуттардын өкүлдөрүнүн көп келишине байланыштуу калктын жалпы санындагы кыргыздардын үлүшү, анын табигый өсүшүнүн жогорулугуна карабастан азайган. РСФСРден, УССРден ж. б. респ-калардан калктын оошу респ-када соц. курулуш мезгилинде кадр маселесин чечүүнүн негизги жолдорунун бири болгон. 1950—70-ж. жерг. адис кадрлардын ж-а квалификациялуу жумушчулардын осконүнө байланыштуу европалык улуттардын өкүлдөрүнүн респ-кага келиши азая түшкөн. 1970-жылкы эл каттоодо Кыргызстан сырткы миграция б-ча союздаш респ-калардын ичинде Казакстандан кийинки 2-орунду ээлеген. 1959- ж-а 1979-жылдардагы эл каттоолордун ортосунда сырткы миграциянын эсебинен респ-канын калкы 150 миң кишиге көбөйдү. Бул жалпы өсүштүн 17%ин түзөт. Калктын саны анын табигый өсүшү м-н миграциясынан тез өсүп, 1979-ж. 1922-жылдагыга караганда 400%ке, ал эми СССР б-ча 192,8%ке арбыган. 1970—79-жылдарда калктын саны 595 820 кишиге, же 20%ке көбөйсө, бүткүл өлкө б-ча 9%ке гана көбөйгөн.

Калктын жыныс жана жаш боюнча бөлүнүшү. 1926-жылкы эл каттоодо респ-када 521 миң эркек ж-а 481 миң аял болгон, б. а. эркек 40 миң адамга көптүк кылган. 1939-ж. эл каттоодо эркек 26 миң адамга, ал эми 1959-ж. аял 11,7 миң адамга көп болгон. 1970-ж. 1 401 миң эркек (47,8%) ж-а 1 532 миң аял (52,2%), 1979-ж. 1 714 миң эркек (48%) ж-а 1 815 миң аял (52%) катталган. Эркек м-н аялдын сан жагынан мындай айырмасы улгайган аялдардын эсебинен ж-а согуштун кесепетинен келип чыккан. 1970-жылдарда жалпы СССРдегидей эле, респ-када да кыздарга караганда эркек балдардын төрөлүшү бир аз басымдуулук кылган (100 кызга 106 эркек төрөлгөн). Бирок кыздардын өлүмүнүн аз болушуна байланыштуу эркектер м-н аялдардын сан жагынан айырмачылыгы 30 жаш курагында жоюлат. Калктын жаш өзгөчөлүктөрүндө да өзгөрүүлөр болду. Кыргызстанда 15 жашка чейинки балдардын саны жалпы СССРдегиден жогору. 1926—70-жылдарда эмгекке жарамдуу калктын (16—59 жаштагы эркектер, 16—54 жаштагы аялдар) саны 2,4 эсе өстү. Калктын басымдуу көпчүлүгү (85%) Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин төрөлгөндөр (ар төрт кыргыздын үчөө Улуу Ата Мек. согуштан кийин төрөлгөн).



Балдар жазуучусу Ш. Бейшеналиев пионерлер арасында.



Жаш жубайлар.

Улуттук составы. Кыргызстан — көп улуттуу респ-ка. Кыргыз ССРинде 80ден ашык улуттардын, элдердин тең укуктуу өкүлдөрү жашайт (1926-ж. 47 улут ж-а эл болгон). Респ-канын негизги калкы — кыргыздар, алар — О. Азиядагы түрк тобуна кирүүчү эң байыркы элдерден. 1897-жылкы бүткүл росспялык эл каттоонун маалыматы б-ча 600 миңдей кыргыз болгон. 1939-ж. 754 миң (респ-канын жалпы калкынын 51,7%), 1959-ж. 837 миң (40,5%), 1970-ж. 1 285 миң (43,8%), 1979-ж. 1 687 миң (47,9%) кыргыз жашаган. Социализмди куруу мезгилинде ар тараптан өнүккөн соц. кыргыз улуту түзүлдү. Бардык кыргыздардын ичинен 1 680 миңи (1979-ж.) эне тилим деп кыргыз тилин, 6 021 киши — орус тилин эсептейт; 480,5 миң кыргыз оруска эркин сүйлөйт. Мектептерде окуу кыргыз тилинде отот, көркөм, илимий, коомдук-саясий китептер кыргыз тилинде чыгат. Орус тили респ-кадагы улуттар аралык катнашуу тилине айланды. Эл чарбасында иштеген ар бир 1 000 кыргыздын 618и жогорку ж-а орто, 200ү башталгыч билимдүү. Кыргыздар респ-канын аймагында бирдей таралган эмес, көбү мал чарбасы өнүккөн тоолуу райондордо ж-а айыл-кыштактарда турат. Нарын обл-нда ж-а Ош обл-ныи тоолуу райондорунда дээрлик кыргыздар жашайт. 1979-жылдагы эл каттоодо шаар калкынын

Калктын улуттук составы (эл каттоо маалыматы б-ча)

	Калктын жалпы саны					Калктын жалпы санына карата % м-н				
	1926	1939	1959	1970	1979	1926	1939	1959	1970	1979
Бардык калк	1001697	1458213	2065837	2932805	3522832	100	100	100	100	100
Кыргыздар	668679	754323	836831	1284773	1687382	66,7	51,7	40,5	43,8	47,9
Орустар	116810	302916	623562	855935	911703	11,7	20,8	30,2	29,2	25,9
Өзбектер	106283	151551	218640	322638	426194	10,6	10,4	10,6	11,4	12,1
Украиндер	64172	137299	137031	120081	109324	6,4	9,4	6,6	4,1	3,1
Немецтер	4285	11741	39915	89834	101057	0,4	0,8	2,0	3,1	2,9
Татарлар	4902	20017	56266	69373	72018	0,5	1,4	2,7	2,4	2,0
Уйгурлар	8179	9412	13757	24872	29817	0,8	0,6	0,7	0,8	0,8
Казактар	1749	23925	20067	21998	27442	0,2	1,6	1,0	0,7	0,8
Тажиктер	7047	10670	15221	21927	23209	0,7	0,7	0,7	0,7	0,7
Дунгандар	6004	5921	11088	19837	26661	0,6	0,4	0,5	0,7	0,8
Башка улуттар	13587	30438	93439	91537	108035	1,4	2,2	4,6	3,1	3,0

18,4%ин (308,8 миң киши), айыл калкынын 81,5%ин (1 378,6 миң киши) кыргыздар түзгөн.

Кыргызстанда орустар сап жагынан 2-орунда. 1939-ж. алар 303 миң (респ-канын жалпы калкынын 20,8%), 1959-ж. 624 миң (30,2%), 1970-ж. 856 миң (29,2%), 1979-ж. 911,7 миң (25,9%) киши болгон. Эл чарбасында иштеген ар бир 1 000 орустун 709у жогорку ж-а орто (толук ж-а толук эмес), 205и башталгыч билимдүү. Орустар Кыргызстандын бардык жеринде жашайт, бирок көпчүлүгү о. ж-луу райондордо турат. Алар респ-каның бардык шаар калкынын 51,4%ин түзөт. Өзбектер саны б-ча 3-орунда. Алар 1939-ж. 151 миң (10,3%), 1959-ж. 219 миң (10,6%), 1970-ж. 333 миң (11,3%), 1979-ж. 426,2 миң (12,1%) киши болгон. Алар негизинен Ош обл-ндагы шаар м-н кыштактарда жашайт. Кыргыз эли — Совет бийлиги жылдарында биздин өлкөдө калыптанган адамдардын жаңы тарыхый жалпылыгынын — улуу совет элинин ажырагыс бөлүгү.

Иштеги калк. Бүткүл Советтер Союзундагыдай эле Кыргызстанда да социализмдин өнүгүшү м-н калкты коомдук жумуштарга тартуу деңгээли тынымсыз жогорулады. Эгерде 1939-ж. бироонун багуусундагы адамдардын ж-а өз чарбасында иштегендердин саны жалпы калктын 56,3%ин түзсө, 1959-ж. алар 55,4%ке, 1970-ж. 50,3%ке чейин төмөндөгөн. 1959-ж. коомдук чарбада иштеген эмгекке жарамдуу адамдар 80% болсо, 1970-ж. 91,3%ти түзгөн. 1979-ж. коомдук өндүрүштө 1 493 миң киши иштеген же 1970-жылдагыдан 32,9%ке көп.

Респ-каның эл чарба структурасындагы олуттуу өзгөрүүлөр, эл агартуу, саламаттык сактоо ж-а турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн өнүгүшү калкты эл чарба тармактары б-ча кайрадан бөлүштүрүүгө шарт түздү. Материалдык өндүрүштө иштегендердин саны 89,1%тен (1959) 73,6%ке (1979) азайып, материалдык өндүрүштөн тышкаркы чөйрөдө иштегендер 8,8%тен (1959) 26,4%ке (1979) көбөйгөн.

Билим деңгээли. 1897-жылкы эл каттоо б-ча Пишпек ж-а Пржевальск уезддеринде калктын 2,8% гана сабаттуу болуп, анын көпчүлүгүн негизинен эркектер түзгөн. Ош уездинде кат тааныгандар калктын 1,9%ин түзгөн. 1913-ж. Түп. Кыргызстанда жалпы элдин 4,6% гана сабаттуу болгон. Соц. курулуш жылдарында Кыргызстанда маданий рев-я ийгиликтүү ишке ашырылып, калктын сабатсыздыгы толук жоюлду. Респ-каның калкынын жалпы ж-а кесиптик-техникалык билим деңгээли кыйла жогорулады. Эгерде 1920-ж. 9—49 жаштагы калктын 3.5% гана сабаттуу болсо, 1926-ж. алардын үлүшү 16,5%ке, 1979-ж. 99,8%ке жетти. Бул жылдары шаар ж-а айыл калкынын, эркектер м-н аялдардын билим деңгээли теңелди.

1979-ж. жогорку ж-а орто (толук ж-а толук эмес) билимдүүлөрдүн саны 1 605 миңге жетип, 1970-жылга салыштырганда 70%ке көбөйдү. 1939-жылга караганда жогорку билимдүүлөрдүн саны 1979-ж. 225 эсе, анын ичинен аялдар — 386, айыл калкында — 247 эсе өстү.

Иштеги калктын билим деңгээли
(эл каттоо маалыматы б-ча)

	Иштеги ар 1000 кишиге эсептегенде билимдүүсү							
	жогорку				бүтпөгөн жогорку ж-а орто (толук ж-а толук эмес)			
	1939	1959	1970	1979	1939	1959	1970	1979
Жалпысынан:	5	30	62	93	51	399	581	711
Эркектер . . .	6	31	67	94	58	418	598	727
Аялдар	4	29	56	92	39	375	563	695
Шаар калкы . .	20	63	96	139	146	504	644	722
Эркектер . . .	20	58	96	132	134	477	637	732
Аялдар	18	71	95	146	178	543	652	712
Айыл калкы . .	2	14	35	58	29	348	534	702
Эркектер . . .	2	17	45	65	38	387	569	723
Аялдар	1	11	25	50	17	302	495	681

1979-ж. шаарда иштеген ар 1 000 кишинин 862си, айыл жеринде иштегендердин 760ы жогорку ж-а орто билимдүү болгон.

Калктын жыштыгы. Шаар жана айыл калкы. Кыргызстандын аймагында калк бирдей жайгашкан эмес. Орточо жыштыгы 1 км² жерге 18 киши (1980). Бул калктын жалпы союздук орточо жыштыгынан жогору. Тоолуу райондордо калк өтө сейрек, ороондордо ж-а шаарларда өтө жыш жайгашкан. Ал табигый-климаттык шартка ж-а респ-каның өндүргүч күчтөрүнүн жайгашуу өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Совет бийлиги жылдарында респ-када калкты бир калыпта жайгаштыруу б-ча маанилүү иштер жүргүзүлдү. Мурдагы чөлдүү ж-а суу чыкпаган жерлерди, табигый байлыктарды өздөштүрүү, ирригациялык жаңы курулмаларды куруу, элди отурукташтыруу, ыңгайсыз тоолуу жерлердеги кыштактарды ороондогу ири кыштактарга көчүрүү, жаңы ө. ж. ж-а энергетика борборун түзүү ж-а өнүктүрүү калкты бир кылка жайгаштырууда гана эмес, респ-када аны аймактата кайта бөлүштүрүү милдетин жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берди. Респ-каның аймагынын 15%тен азыраагын түзгөн ороондор м-н ойдуңдарда (деңиз деңгээлинен 1 500 мге чейинки бийиктиктеги) 1980-ж. калктын 70%тен көбүрөөгү жашаган. Кыргызстандын аймагынын 10%ин түзгөн Чүй ороонүндө калк өтө жыш отурукташкан. Ө. ж. өндүрүшү ж-а а. ч-сы өнүккөн бул ороондо (Фрунзе ш. м-н бирге) респ-каның калкынын дээрлик 35% жашайт. Чүй ороонүндө калктын жыштыгы 1 км²ге 62 киши. Бул ороондо Кара-Балта, Фрунзе, Токмок ш-лары ж-а калк жыш отурукташкан көптөгөн ири кыштактар Кара-Балта — Быстровка автомобиль жолун бойлой жайгашкан. Мында 1 км² жерге 70—110 киши туура келет. Респ-кага түздөн түз баш ийген райондордо Кыргызстандын калкынын 20% жашайт ж-а андагы калктын жыштыгы жалпы респ-калык көрсөткүчтөн жогору турат (1 км²ге 37 киши). Респ-каның калк жыш жайгашкан аймагынын бири — Ош обл. (1 км² жерде 24,6 адам). 1979-ж. Ош обл-нын шаарларында 434 миң (29,8%), кыштактарында 1 025 миң (70,2%) киши жашаган. Фергана жакаларындагы түздүктөрдө, Ош, Кара-Суу оазистеринде, Куршаб, Когарт д-ларынын ороондорүндө, сугат дыйканчылыктуу райондордо калк жыш жайгашкан. Бул зонанын айрым жерлеринде калктын жыштыгы 1 км² жерде 60—80 кишиге жетет. Респ-каның калк жыш жайгашкан райондоруна деңиз деңгээлинен 1 000 мден төмөн жайгашкан дыйканчылык өнүккөн аймактар (Лейлек, Фрунзе. Өзгөн. Ленин. Жаңы-Жол, Ала-Бука р-ндору) ж-а Кетмен-Төбө ороону кирет. Ош обл-нын деңиз деңгээлинен 1 100 м ж-а андан жогору жайгашкан болгу коктu-колоттуу келип, ыңгайлуу жайыттарга бай. Бул аймакта дыйканчылык негизинен түзөң жерлерде гана өнүккөн. Ушуга байланыштуу тоо ж-а бийик тоо ороондорүндө калк көбүрөөк жайгашкан. Дарыя ороондорүндө, тоо аралык чакан өңдордо, дыйканчылык массивдеринде калк өтө жыш отурукташкан. Ысык-Көл ороонүндө калктын көбү көл жакалай жайгашып, жыштыгы 1 км²ге 8 кишиге жетет. Деңиз деңгээлинен 2 500 м ж-а андан жогору жайгашкан бийик тоолуу жайыттарда (Ак-Сай, Арпа, Соңкол, Алай, Борб. Тянь-Шандын сыырттары) калк өтө сейрек, ал эми жайыт жерлеринде бирин-серин. Шаар калкы 1897-ж. 7%ти, ал эми империалисттик согуш алдында (1913) 12%ти түзгөн. Рев-янын ж-а граждандык согуштун мезгилинде согушта жоготууларга ж-а калктын айыл-кыштак жерине оон кетишине байланыштуу шаар калкы 9 миң кишиге азайган ж-а 1920-ж. анын үлүшү кыскарып, 10.8%ти түзгөн.

Респ-каның экономикасы м-н маданиятынын тез өсүшү, эл чарбасын индустриялаштыруу, табигый байлыктарды өздөштүрүү жумушчулардын, инженер-техник ж-а илимий кызматкерлердин санынын көбөйүшүн, демек, урбанизация процессинин күчөтүлүшүн талап кылды. Респ-каның а. ч-сын соц. кайра куруу, а. ч. өндүрүшүн механикалаштыруу иштери да шаар калкынын өсүшүнө түрткү болду. Эл чарбасынын бул тармагында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашынан улам кол эмгеги аз талап кылынып, миңдеген адам о. ж-да, курулушта, транспортто иштей баштады. 1926—39-жылдарда шаар калкы 2,2 эсе, 1939—79-ж. 4,1 эсе көбөйдү. Бирок шаар калкынын салыштырмалуу тез көбөйүшүнө карабастан, респ-каның жалпы калкынын ичинде анын үлүшүнүн али да төмөндүгү айыл калкынын табигый өсүшүнүн жогору болушуна байланыштуу. Шаар калкынын көбөйүшүнө табигый өсүш, ички ж-а сырткы миграция м-н катар айрым кыштактарды (андагы ө. ж. өндүрүшүнүн өсүшүнө байланыштуу) шаарларга ж-а ш. т. посёлкаларга айландыруу себеп болгон. Шаар калкынын калыптанышында жогорку факторлордун ролу бирдей болгон жок. Социализмди куруунун алгачкы мезгилинде шаар калкы негизинен сырткы миграциянын эсебинен көбөйсө, 70-жылдарда ал респ-кадагы ички миграциянын эсебинен көбөйө баштады. Жерг. калктын тез өсүшү ж-а анын респ-каның шаарларына көп келе башташынан 1959—70-жылдарда шаар калкы 142 миңге, ал эми 1970—79-жылдарда 73 миң адамга өстү. Жерг. шаар калкынын көбөйүшүндө табигый өсүш эң чоң мааниге ээ. 1959—70-жылдарда респ-каның шаар калкы табигый өсүштүн эсебинен 200 миңге арбыса, 1970—79-жылдарда — 196 миң кишиге көбөйүп, жалпы саны 1 349 миң адамга жеткен. 1926—79-жылдарда респ-каның шаар калкы жалпысынан 10,9 эсе, анын ичинен Нарын обл-нда — 25, респ-кага каратуучу райондордо — 12,4, Ош обл-нда — 7,9, Ысык-Көл обл-нда 7,9 эсе көбөйгөн. Ушул эле мезгилдин ичинде шаар калкынын үлүшү Ош обл-нда 12%тен 29,8%ке, Ысык-Көл обл-нда 10%тен 30,1%ке, Нарын обл-нда 1,6%тен 17,5%ке чейин өскөн. Рев-яга чейин Кыргызстанда 6 шаар болсо, 1979-ж. 18 шаар, 31 ш. т. посёлка болгон. Ири шаарлар — Фрунзе (калкы 533 миң), Ош (169 миң); орто шаарлар — Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү, Пржевальск, Рыбачье, Токмок, Нарын, Өзгөн, Талас, Кара-Балта; чакан шаарлар — Кара-Суу, Кок-Жаңгак, Таш-Көмүр, Чолпон-Ата, Кара-Көл. Кыргызстанда эл депутаттарынын 372 айыл совети бар (1979).

СССРдин бир нече союздаш респ-каларына ж-а борб. областтарына караганда Кыргызстандын айыл калкы дайыма туруктуу өсүүдө. 1922—79-жылдарда СССРдин айыл калкынын саны 13,2% азайган болсо, Кыргызстанда — 2,7 эсе көбөйүп, 1979-ж. 2 163 миң кишиге



1980-жылы 100 жашка толгон акын Шамей Токтобай уулу.

(1922-ж. 788 миң киши) жетти. Рев-га чейин Кыргызстандын калкынын көбү көчмөн турмушта жашагандыктан отурукташкан айыл калкы аз болгон. Дыйкан чарбаларын коллективдештирүү мезгилинде калк отурукташып, респ-када көптөгөн кыштак курулду. Кооперативдештирүүнүн ж-а адистештирүүнүн негизинде, о. эле а. ч. өндүрүшүн топтоштуруу ж-а агрардык-ө. ж. интеграциясынын натыйжасында респ-кадагы кыштактарды ирилештирүү башталды. Эгерде 1959-ж. респ-када 5,5 миң элдүү пункт болсо, 1979-ж. ирилештирүүдөн кийин алардын саны 2 016 болуп калды; респ-када ар бир элдүү пунктка орто эсеп м-н 1 073 адам туура келет. Айыл калкынын топтолушу б-ча Кыргызстан СССРде 3-орунда турат. Айыл жериндеги майда элдүү пункттардын азайышы ж-а ири кыштактардын көбөйүшү, админ.-чарб. ири борборлорду түзүү Кыргызстанда коммунисттик курулуштун экон., социалдык ж-а маданий милдеттерин ийгиликтүү орундатууга өбөлгө түздү. Өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнө жараша калкты респ-каның аймагы б-ча рационалдуу жайгаштыруу иштери жүргүзүлүүдө.

Республиканын калкынын социалдык-таптык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин Кыргызстандын калкынын көбү жалданма ж-а кедей дыйкандар болгон. 1897-жылкы бүткүл россиялык эл каттоо маалыматы б-ча Кыргызстандын калкынын 91,9% а. ч-да, 7% гана ө. ж-да, курулушта, транспортто ж-а байланышта эмгектенген. Ал эми кыргыздардын 94,7% а. ч-сында, 2% гана ө. ж. м-н курулушта иште-



Тогуз коргол — кыргыз элинин улуттук оюну.

гөн. Кыргызстандын ө. ж. пролетариаты өтө аз эле. Социализмди куруу жылдарында өлкөнүн экон., саясий ж-а маданий өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгүнүн пеги-

Калктын таптык составы (эл каттоо маалыматы б-ча, % м-н)

	1926	1939	1959	1970	1979
Бардык калк аныи ичинен:	100	100	100	100	100
жумушчулар . . . .) кызматчылар . . . .)	11,3	21,3 12,4	40,9 17,1	52,1 19,2	57,8 21,9
колхозчу дыйкандар . . жеке чарба дыйкандар ж-а кооперацияга кирбеген кол өнөрчүлөр .	—	62,2	41,7	28,4	20,3
	87,2	4,1	0,3	0,3	—
буржуазия, помещиктер. соодагерлер ж-а кулактар	1,5	—	—	—	—

зинде Сов. Кыргызстандын калкынын социалдык-таптык түзүлүшү түп тамырынан өзгөрдү.

Социализмдин өндүрүш мамилелеринин жеңиши м-н Кыргызстанда коомдук жаңы социалдык-таптык түзүлүш пайда болду. Респ-каның жумушчу табынын улут-



Маектешүү.

тук отряды сап ж-а сапаты жагынан өстү. Кедей ж-а орто дыйкандардан бирдиктүү, социалдык жактан бир типтеги колхозчу дыйкандар табы пайда болду, жаңы соц. интеллигенция жаралды. Акыл ж-а күч эмгеги м-н иштегендердин саны өзгөрдү. Рев-яга чейин акыл эмгеги м-н эмгектенген кыргыздар жокко эсе болгон. Эл каттоо маалыматы б-ча алар 1926-ж. 1%ти түзсө, 1970-ж. 24,5%ке жеткен. Эгерде 1926-жылкы эл каттоодо акыл эмгеги м-н иштегендер 4 776 киши болсо, 1970-ж. алар 275 500 кишини (57,7 эсе өскөн), ал эми күч эмгеги м-н иштегендер үшүл эле мезгилде 1,7 эсе гана өсүп, 1970-ж. 848 274ту түзгөн.

Өнүккөн социализм мезгилинде Кыргыз ССРинин калкынын социалдык структурасын экон., социалдык-саясий ж-а идеялык кызыкчылыгы бирдей ж-а коммунизмди курууда жалпы максатты көздөгөн жумушчу табы, колхозчу дыйкандар ж-а социалдык топ — интеллигенция түзөт. Таптардын ж-а топтордун сан жагынан олуттуу өзгөрүшү м-н катар алардын сапаты да терең өзгөрдү. Соц. ж-а коммунисттик курулуш мезгилинде Советтер Союзунун жумушчу табынын составдык бир бөлүгү — Кыргызстандын көп улуттуу жумушчу табы түзүлдү ж-а өнүгүүдө. 1913-ж. ценз ишканаларында 2 545 жалданма жумушчу иштеген. 1940-ж. эл чарбасында 174,5 миң, 1965-ж. 617,1 миң, 1979-ж. 1 076,3 миң жумушчу ж-а кызматчы иштеген. Кыргызстандын жалпы калкынын санына караганда жумушчулардын саны тез өскөн. Кыргызстандын жумушчу табы Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н марксттик-лениндик принциптердин, пролетардык интернационализмдин



Бийик тоолуу жайлоодогу концерт.

ж-а элдердин достугунун духунда калыптанды ж-а өсүп чыкты. Ал — Советтер Союзунун жумушчу табынын ажырагыс бөлүгү, коомдук байлыктын башкы түзүүчүсү ж-а социалдык жетекчи күчү, эмгекчилердин алдыңкы катардагы отряды. Илимий-тех. рев-я Кыргызстандын жумушчу табынын сан ж-а сапат жагынан өсүшүнө терең таасир тийгизүүдө; респ-канын эл чарбасынын энергетика, машина куруу, нефть о. ж. тармактарында жумушчу кадрлар тез өсүүдө. Өндүрүштү механикалаштырууга ж-а автоматташтырууга байланыштуу жогорку квалификациялуу жумушчулардын саны кескин көбөйдү. Мис., респ-када квалификациялуу жумушчуларды каттоо маалыматы б-ча 1959-жылдын 1-августунан 1972-жылдын 1-августуна чейин аппаратчылардын ж-а анын жардамчыларынын саны 2,5 эсе, жумушчу-лаборанттар 5 эсе, машинисттер, мотористтер ж-а алардын жардамчылары 2 эседен ашык, станокторду, машиналарды ж-а механизмдерди жөндөөчүлөр м-н оңдоочулар 5,8 эсе көбөйгөн. Квалификациясы жок кара күчү м-н эмгектенген жумушчулар азайды. Жумушчулардын жалпы билим ж-а маданий деңгээли жогорулады. 1979-ж. 35 жашка чейинки жумушчулардын 87%тен көбү жогорку, орто ж-а толук эмес орто билимдүү болгон.

Айыл чарбасында соц. өндүрүш ыгының жеңиши, өлкөдө өнүккөн социализмди куруу дыйкандардын социалдык-экон. абалын түп тамырынан бери өзгөрттү. Мурда артта калган, дайыма жакырчылыкта жашап келген кыргыз дыйкандарынын турмушу жакырды. Анын эмгеги өндүрүш каражаттарынын коомдук менчигине негизделген, ал эми эмгек натыйжалары «ар кимдин жөндөмдүүлүгүнө, ар кимдин эмгегине жараша» — деген соц. принципке ылайык болуштурулот. Респ-канын дыйкандары жумушчу табынын ишенимдүү союздашы, коммунисттик коомду курууда, анын материалдык-тех. базасын түзүүгө, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө ж-а коомдук мамилелерди оркундөтүүгө тике катышуучу активдүү күчкө айланды. Кыргызстандын калкынын социалдык структурасында колхозчулардын үлүшү акырындап азаюуда. Эгерде 1939-ж. респ-канын бүткүл калкынын 62,2%ин колхозчулар түзсө (СССР б-ча — 47,2%), 1970-ж. 28,4%ти (СССР б-ча — 20,5%), 1979-ж. 20,3%ти (СССР б-ча — 15,1%) түздү. Бүткүл союздук эл каттоонун жыйынтыктары б-ча 1959-ж. респ-када 362,7 миң, 1970-ж. 252,9 миң колхозчу болуп, 1979-ж. колхоздордун коомдук чарбасында 235,9 миң киши иштеген. Бул маалыматтар респ-канын коллективдүү чарбаларынын техника м-н жабдылышынын негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгү зор жогорулагандыгын айгинелейт. Респ-канын 180 колхозунда (1983) 12 миң трактор, 2 миң эгин комбайны ж. б. көптөгөн а. ч. техникасы бар. Кыргызстандын колхоздук өндүрүшүнүн материалдык-тех. базасынын түп тамырынан жаңырышына, эмгектин коллективдүү формаларын андан ары өнүктүрүшүнө, а. ч-да индустриялык алдыңкы ыкмаларды колдонууга, колхозчулардын эмгек активдүүлүгүнүн жогорулашына байланыштуу дыйканчылык м-н мал чарбасынын дүң продукциясы жылдан жылга өсүүдө. Совет бийлиги жылдарында Кыргызстандын колхозчу дыйкандарынын жалпы ж-а кесипчилик билим деңгээли бир кыйла жогорулады. 1939-ж. ар бир 1 000 колхозчунун тортөөнүн гана жогорку, бүтпөгөн жогорку, орто, толук эмес орто билими болсо, 1959-ж. 278, 1970-ж. 467 адамга жеткен. Квалификациясыз же квалификациясы төмөн кол эмгеги м-н иштеген колхозчулардын саны жыл сайын азаюуда. Эгер 1939-ж. адистиги жок адамдар жалпы айыл калкынын 84,7%ин түзсө, 1970-ж. 51,9%ке чейин азайган. Колхоз дыйкандарынын социалдык түзүлүшүндө механизатор кадрлардын саны ж-а үлүшү өсүүдө. 1940-ж. Кыргызстандын колхоздорунда 10,1 миң механизатор болсо, 1970-ж. алардын саны 24,3 миң, 1979-ж. 25,5 миң кишиге жеткен. Колхоз механизаторлорунун көбү эки ж-а андан да көп адистикке ээ. Алар колхоз өндүрүшүнүн негизги күчү болуп калды.

Сов. Кыргызстанда акыл эмгеги м-н иштегендердин ж-а интеллигенциянын зор армиясы калыптанды ж-а өстү. Акыл эмгеги м-н иштеген кызматкерлердин саны тез өсүүдө. 1913-ж. Кыргызстандын аймагында жогорку, бүтпөгөн жогорку ж-а атайын орто билимдүү адам-




Жайлоодо эс алуу.

дар ондон саналган. 1941-ж. эл чарбасында иштеген жогорку ж-а атайын орто билимдүү адистердин жалпы саны 11 миңге, ал эми 1980-жылдын башында 257 миң кишиге жетти. 1941—77-жылдардын ичинде респ-када жогорку билимдүү инженерлердин саны 32 эсе, агрономдор, зоотехниктер ж-а ветврачтар 12,5, экономистер 47, врачтар 16, педагогдор, китепкана ж-а маданий-агартуу кызматкерлери 54 эсе өстү. Респ-када улуттук интеллигенциянын өсүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлдү. Эгерде Улуу Окт. рев-ясына чейин кыргыздардын ичинде жогорку билимдүү адистер дээрлик жокко эсе болсо, 1977-ж. эл чарбасынын түрдүү тармактарында 79,9 миң кыргыз адистер, алардын ичинен 38,7 миң адис аялдар иштеген. Интеллигенциянын составында илимий кызматкерлердин саны да улам жогорулоодо. 1979-ж. респканын 69 илим изилдөө мекемесинде 7 800 адам эмгектенген, алардын 200дөн ашуунун илимдин доктору, 2 500дөн ашуунун илимдин кандидаты. Соц. интеллигенция Кыргызстандын жумушчу табы ж-а дыйкандары м-н бирдикте коммунисттик коомду курууга активдүү катышууда.

К. Исаев

Ад.: Итоги Всесоюзной переписи населения 1959, Киргизская ССР, М., 1963, 150 с.; Итоги Всесоюзной переписи населения 1970, тт. 1—7, М., 1972—1974; Оторбаев К., Проблемы размещения производительных сил и формирование территориально-производственных комплексов Киргизской ССР, Фр., 1974, 134 с.; Исаев К., Развитое социалистическое общество и его социальная структура, Фр., 1974, 60 с.; его же, Развитой социализм и взаимоотношения города и деревни, Фр., 1980, 214 с.; Страницы истории и материальной культуры Киргизстана, Фр., 1975, 196 с.; Чернова Е. П., Рост народонаселения и трудовые ресурсы, Фр., 1975, 151 с.; Киргизстан за годы Советской власти, Фр., 1977, 216 с.; Бүткүл союздук эл каттоо — жалпы элдик иш, Фр., 1978, 80 б; Кумскова Н., Республикада эмгек ресурстарынын өсүшүнүн демографиялык негиздери, «Коммунист», 1980, № 11, 40—45-б; Население СССР, М., 1980, 32 с.



Аскадагы сүроттор. Саймалы-Таш өзөнү. Күрп-Сай ГЭСи.


АЛГАЧКЫ ОБЩИНАЛЫК ТҮЗҮЛҮШ ЖАНА ТАПТЫК КООМДУН ПАЙДА БОЛУШУ


Алгачкы общиналык түзүлүш — адамзат тарыхында өтө узакка созулган коомдук-экон. формация. Ал адамдын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, үйүр-үйүрдөн урук-уруу болуп жашоого өткөн мезгилинде пайда болот да, таптык мамилелер түзүлө баштаганга чейинки доорду кучагына алат. Алгачкы общиналык коомду изилдеп үйрөнүүнүн негизги булактары археологиялык эстеликтер: байыркы адамдардын тургун жайлары, эмгектин таш куралдары, таштарга чегилген сүроттөр, чиймелер болуп саналат.

Кыргызстандын аймагын адам алгачкы палеолит — ашель доорунан (мындан 400—100 миң жыл мурда) мекендеген. Бул мезгилдин эстеликтери Нарын обл-ндагы Он-Арча, Ош обл-ндагы Кожо-Бакырган-Сай сууларынын алаптарынан табылган. Ашель доорундагы адамдар жаныбарлар дүйнөсүнөн биротоло бөлүнүп чыккан, алар өйдө туруп басып жүрүшкөн ж-а колдору эмгек кылууга ыңгайлана баштаган. Алар анча чоң эмес топ-тошко бөлүнүп, Кыргызстандын азыркы аймагындагы өрөөндөр м-н ойдундарды кыдырып, аң уулашкан, мөмө-жемиш ж. б. жыйнашкан. Жылынуу ж-а жырткычтардан сактануу үчүн отту пайдаланышкан. Бирок аны жасалма жол м-н тутантууну али билишкен эмес. Таш доорунун кийинки мезгили — мустье доорунун (мындан 100—40 миң жыл мурда) археологиялык көп сандаган эстеликтери Тянь-Шандан, Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүнөн табылган. Бул мезгилде адамдын жаңы түрү — неандерталдар пайда болгон. Алар үңкүрлөрдө жашоо м-н катар алгачкы тургун жайларды — жер төлөлөрдү кура баштаган, алачыктарды да жасашкан. Алардын бир нечеси бир тургун жайга биригип жашашкан. Ар түрдүү формадагы ар кыл таш буюмдар ж-а аларды жасоонун техникасынын өркүндөшү адамдын мурдагы доорлорго караганда мустье мезгилинде өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткендигин билдирет.

Жогорку палеолитте (мындан 40—12 миң жыл мурда) — энелик уруу жамаатынын мезгилинде уруунун келип чыгышы ж-а туугандык байланышы эмеси б-ча аныкталган. Өндүрүш коллективдүү мүнөздө болуп, эмгек каражаттары, камдалган тамак-аш бүткүл уруунун менчиги катары эсептелген. Бул доордо адамдын дене түзүлүшү да өзгөргөн. Узакка созулган эволюциянын натыйжасында адамдын азыркы түрү — Homo sapiens (акыл-эстүү адам) келип чыккан. Адам коомун-

Мустье доорунун Тосор тургун жайынан табылган таш куралдар. Ысык-Көл обл.






Мустье доорунун тургун жайынан табылган куралдар. Георгий добосу. Чүй өрөөнү.

дагы мындай олуттуу өзгөрүүлөрдүн бардыгы Кыргызстанга да мүнөздүү болгон. Жогорку палеолит доорунун куралдары Кожо-Тоо тургун жайынын жанынан, Капчыгай өзөнүнөн, Хайдаркен, Кадамжай ж-а Охна кыштактарына жакын үңкүрлөрдөн табылган. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Ничке-Сай тургун жайы ж. б. да коңүл бурууга арзырлык. Жогорку палеолит орто таш кылымы — мезолит доору м-н б. з. ч. 10—6-миң жылдыкта алмашылат. Мезолит мезгилинен бир канча тургун жай калган. Алардын ичинен Кара-Суунун сол жээгиндеги (Нарын д-на куйган жеринен алыс эмес) Таш-Көмүр үңкүрү айрыкча кеңири белгилүү. Жер шарынын башка райондорундагыдай эле Кыргызстандын аймагындагы ачыларда да жаа м-н жебе пайда болуп, куралдын бул түрү кийин миңдеген жылдар бою сакталып келген.

Неолит мезгилинде (б. з. ч. 6—4-миң жылдыкта) өндүрүчү күчтөр андан ары өнүгүп, эмгекти коомдук болуштуруунун жаңы түрлөрү келип чыгат да, адам мамилелери өркүндөйт. Неолит мезгилинин эстеликтери Кыргызстандын бардык жерлеринде: Нарын обл-нан, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө, Алай өрөөндөрүнөн, Баткен, Лейлек ж. б. райондордон табылган. Бул болсо алгачкы адамдардын аталган аймактарды мекендегенине далил. Адам жашаган көп сандаган үңкүрлөрдүн табылышы өзгөчө кызыгууну туудурат. Сары-Жаз д-нын боюндагы Ак-Чүңкүр чоң үңкүрүнүн боорунан адамдардын, букалардын, эчкилердин ж-а жыландардын кызыл боёк м-н тартылган сүроттөрү табылган. Аны казганда малдын сөөктөрү, таштан жасалган ар кандай буюмдар ж-а коломтонун орду табылган. Бул болсо адам өрөөндөрдө гана эмес, жаратылыш шарты катаал, бийик тоолуу жерлерде да жашагандыгын ырастайт. Неолит мезгилинде эмгек куралдарын даярдоо техникасы оркүндөтүлгөн, ташты жылмалоо, сайкалдоо, о. эле араалап кесүү, көзөө башталган. Чопо идиштерди жасоо да неолиттин жетишкендиктери болуп саналат. Чарбада да бир кыйла өзгөрүүлөр жүргөн. Б. з. ч. 3-миң жылдыкта адам таш, соок ж-а чоподон тышкары металлды — алгач жезди, кийин колону пайдаланган. Катуурааk ж-а курчураак куралдар эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзгөн. Айрым уруктардын көбөйүшү ж-а биригиши м-н уруулар пайда болгон.


Коло доорунда (б. з. ч. 2—1-миң жылдыктардын башы) Кыргызстанды малчы-дыйкан ж-а дыйканчылык м-н кесиптенген уруулар мекендеген. Алардын турмушунун айрым жактары ж-до Талас өрөөнүнөн табылган ж-а Фергана кырка тоосунун аскаларында чегилген сүроттор түшүнүк берет. Бул сүроттөрдө адамдын мал чарбачылык, аң уулоо ж. б. иштери чагылдырылган. Коло доорунда жаратылыш байлыктарын: жез, калай, күмүш, алтын казып алуу башталган. Тянь-Шандын аймагындагы малчы-дыйкан уруулар көбүнчө мал багышкан, дыйканчылык м-н аң уулоо комокчу чарба болгон. Адамдар малга ж-а дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерге жайгашып, улам жайыт которуп көчүп жүрүшкөн. Мал чарбасы Тянь-Шань калкынын чарбачылыгынын түзүлүшүн ж-а үй-турмуш тиричилигин шарттаган. Ысык-Көлдөн, Нарынга жакын жерден, Арпадан ж-а Чон-Кемин, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрүнөн табылган көрүстөндөр Кыргызстандын малчы уруулары-нын ошол мезгилдеги негизги эстеликтери болуп эсептелет. Казганда алардан турмуш тиричилик ж-а кооздук буюмдары чыккан. О. эле казуунун натыйжасында малчы уруулардын турак жайлары—жер төлөлөр, ага катар салынган короолор табылган. Ошол мезгилде металл иштетүү өнүккөнүнө колодон жасалган канжар, орок, кыма, көзөөч ж. б. эмгек куралдары далил болот. Карапа жасооро, таш кесип жылмалоого ж-а ар кандай кооздук буюмдарын — билерик, шакек, мончок ж-а сойколорду даярдоого чоң маани берилген. Коло доорунда Кыргызстандын аймагындагы уруулардын маданиятынын өнүгүшүнө алардын Хорезм, Казакстан, Батыш ж-а Түш. Сибирди мекендеген уруулар м-н болгон байланыштар олуттуу таасир тийгизген. Түш. Кыргызстандын өрөөндөрүндө Чуст маданиятынын дыйканчылык м-н кесиптенген байыркы уруулары жашаган. Алардын Өзгөн, Кара-Суу р-ндорунун ар кайсы жерлериндеги тургун жайларын (пакса дубалдуу үйлорду) казганда ар кандай үй буюмдары, негизинен кара боёк м-н түшүрүлгөн үч бурчтук, ромб, ийри-буйру сызык ж. б. геометриялык фигуралар м-н кооздолгон чопо идиштер табылган. Түш. Кыргызстандын байыркы калкынын негизги кесиби дыйканчылык болгон. Ушундан улам уруулар дарыяларга жакын, арык чыгарууга ыңгайлуу жерлерди пайдаланышып, көбүнчө буудай, арпа, таруу айдашкан.

Коло доорунда уруулардын коомдук түзүлүшүндө чоң өзгөрүүлөр болуп өткөн. Бардык жерлердегидей



Чопо идиш (б. з. ч. 11—9-к.). Жазы-Кечүү. Кетмен-Төбө өрөөнү.


эле Кыргызстандын аймагында да малчылыктын ж-а дыйканчылыктын өнүгүшү м-н бирге эркектердин (көп казуу, жер айдоо ж. у. с. оор иштерге байланыштуу)




1. Коло канжарлар (б. з. ч. 10—8 к.). Пржевальск ш-на жакын. Ысык-Көл обл. 2. Туюк жемчинин коло куралдары (б. з. ч. 12—8-к.). Чүй өрөөнү.

О. Азия м-н Казакстандын эң байыркы урууларынын бири даректеринде сактар, ал эми грек даректеринде азиялык скифтер деген ат м-н белгилүү. Алар бир нече уруу бирикмелерин түзүшкөн. Сак урууларынын бир бөлүгү б. з. ч. 7—3-к-да Тянь-Шанда жашап, көчмөлүгү мал багып, көчүп жүрүшкөн. Кой, эчки, уй, жылкы багып, көчүп-конгонго ыңгайыктуу үйлөрдө жашашкан. Карапа идиш, металл буюмдарын жасоо, кол өнөрчүлүгү, тери иштетүү, токуучулук ж. б. өнүккөн. Үй буюмдарын чопо, жыгач, тери, темир ж-а жезден жасашкан. Турмуш тиричилик ж-а табынуу буюмдары көбүнчө жапайы ж-а үй жаныбарларынын сөлөкөттөрү (скифтик «айбанаттар» стили деп аталган) м-н кооздолгон. Адетте мындай буюмдар жогорку чеберчиликте жасалган. Табылган андай мыкты буюмдардын арасында жолборс, арстан, шумкар, короздун алтындан жасалган сөлөкөттөрү; куш баштуу эки ат түшүрүлгөн күмүш кашылтыр, эки шумкардын сүрөтү салынып, асыл таштар чөгөрүлүп безелген алтын сөйкө бар. Үй тиричилигинде көбүнчө коло казандар урунулган. Сактар негизинен жаа, кыска кылыч, найза ж-а ай балта м-н курал-данган. Кооздук буюмдардын көбү алтын, күмүш сымал кымбат баалуу металлдардан жасалган.


ролу жогорулайт да уруулук түзүлүш патриархалдык мүнөз алат. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы, жакырланган урук-туугандардын ж-а тутундардын эмгегин чарбада пайдалануу мүлктүк, кийинчерээк социалдык да теңсиздиктин келип чыгышын шарттайт. Ошентип уруулук түзүлүштүн бузулушу башталган. Алгачкы общиналык түзүлүштүн бузула башташы О. Азиянын ж-а Казакстандын аймактарында бирдей ж-а текши болгон эмес. Бул процесс дыйканчылык райондорунда тезирээк, мал чарбачылыгы үстөмдүк кылган жерлерде жайыраак жүргөн. Малчы урууларынын жыл мезгилдерине карай көчүп жүрүшүнөн улам коло кылымында, б. з. ч. 1-миң жылдыктын биринчи жарымында көчмөн мал чарбачылык пайда болгон. Чарбанын бул жаңы түрү Уралдан Енисейге чейинки зор аймакта жашаган урууларда өнүккөн. Эмгектин коло ж-а таш куралдарын темирден жасалган куралдар сүрүп чыгара баштап, алар өндүргүч күчтөрдүн, мал чарбачылыгынын, дыйканчылыктын ж-а кол өнөрчүлүктүн андан ары өнүгүшүнө да өбөлгө түзгөн. Темир куралдардын таралышы м-н коомдун социалдык-экон. түзүлүшүндө да маанилүү өзгөрүүлөр жүргөн. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы ашык азык-түлүктүн топтолушуна алып келип, аларды тең эмес бөлүштүрүү мүлктүк теңсиздиктин күчөшүнө, кийин таптык жиктелүүлөргө шарт түзгөн. О. Азиянын дыйканчылык м-н кесиптенген аймактарында күл өзөлөк алгачкы мамлекеттер (Согд, Бактрия, Хорезм ж. б.), Кыргызстан м-н Казакстандын тоолуу ж-а талаа райондорунда уруу союздары түзүлгөн.



Канжарлар (б. з. ч. 7—3-к.). Колодон (1, 2, 4, 5), темирден (3). 1, 4 — Чүй, 2 — Кетмен-Төбө, 3 — Алай, 5 — Ысык-Көл өрөөнү.




1. Курмандык чалгычтын алл келбетинде жасалган буттары (б. з. ч. 3—1-к.). Ак-Суу р-ну, Челпек кыштагы. 2. Сактардын мезгилиндеги өркөчтүн башы (б. з. ч. 5—3-к.). Жал-Арык. Кетмен-Төбө өрөөнү. Г. В. Лебединская, Т. С. Сурнина калыбына келтирген.



бо өрөөнүндөгү (Чаар-Таш) ж-а Тогуз-Торо р-нундагы (Саймалы-Таш) аскалардагы сүрөттөрдүн мааниси өтө түшүнүктүү. Аскалардагы биздин күндөрго чейин жакшы сакталып калган сүрөттөр Тянь-Шань көчмөндөрүнүн чарбалык иштеринен ж-а идеологиялык түшүнүктөрүнөн кабар берет, о. эле коркөм сүрөт өнөрүнүн тарыхын үйрөнүүдө негизги дарек болуп саналат.

Сактардын коомдук мамилелери аскердик демократиялык түзүлүш мүнөзүндө болгон. Бул — коомдун өз ичиндеги, о. эле көчмө уруулар ж-а элдер м-н болгон үзгүлтүксүз согуштук кагылыштардын натыйжасында калыптанган. Урук ж-а уруу башчылары дайыма бийликти тартып алышып, аны мураска калтырышкан. Аялдар кадыр-баркту болушуп, эркектер м-н катар согушка катышкан. Сактар ай, күн, жылдыздарга ж-а отко сыйынышкан. Отко сыйынуу ырым-жырымы О. Азия м-н Казакстандын байыркы урууларынын арасында кеңири тараган. Отту жаныбарлардын сүрөтү м-н кооздолгон атайын шам чырактарда ж-а курмандык чалынуучу нерсеге, жайга коюп (үстөл, текче, очок ж. б.) сакташкан. Жети-Суу үчүн мүнөздүү болгон табынуунун мындай буюмдары Ысык-Көлдүн аймагынан ж-а Тянь-Шандын түндүгүнөн табылган. Малчы сактар мыкты чабендес келип, алардын жоокердеги ж-а эрдеги Чыгышта кеңири белгилүү болгон. О. Азиянын сак-

1. Ийрилген жыртыч сөлөкөтүндө куюлган тогоо (б. з. ч. 6—3-к.). Барскон. Жети-Өгүз р-ну. 2. Эки грифон ат сүрөтү түшүрүлгөн күмүш тогоо (б. з. ч. 6—3-к.) Жал-Арык. Кетмен-Төбө өрөөнү.







Эркектин башы (3—5-к.). Ак Чий — Кара-Суу. Кетмен-Тобо ороону. Г. В. Лебединская, Т. С. Сурина калыбына келтирген.

тары персиялык ж. б. баскынчылар м-н айгышкан күрөш жүргүзүшүп, Александр Македонскийдин аскерлерине каармандык м-н каршылык көрсөтүшкөн. Археологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй Кыргызстандагы сактар О. Азиянын ж-а Казакстандын башка аймактарынын уруулары м-н саясий ж-а маданий жактан тыгыз байланышып турган. Улам күчөй берген социалдык теңсиздик, урук-уруу башчыларын байыткан тынымсыз талоончул согуштар, о. эле башка көчмөндөрдүн чабуулдары сактардын уруу союзунун күч-кубатын начарлаткан. Натыйжада ал б. з. ч. 3-к-да ыдырай баштаган.

Усундар Тянь-Шанда б. з. ч. 3-к-дан — б. з. 6-к-на чейин жашашкан. Алар б. з. ч. 2—1-к-да күч-кубаттуу уруу бирикмесин түзүшүп, ага Тянь-Шань, Алай, Жети-Суунун Иле д-на ж-а Балкаш көлүнө чейинки болүгү кирген. Усундардын уруу союзунун башкы борбору Ысык-Көлдүн түш. жээгинде жайгашкан. Кыргызстандын аймагында усундардын пайда болуш мезгилинде борб.-азиялык көчмөндөр—гундар, жужандар ж. б-дын батышты көздөй жылышынан улам жерг. калктын этностук составы татаалдашкан. Бирок калктын негизин мурдагыдай эле сактар м-н усундар түзгөн. Усундардын негизги кесиби көчмөн мал чарбачылыгы болгон: кой, уй, эчки, жылкы асырашкан. Ошентсе да усундардын бир бөлүгү отурукташып жашаган. Буга Ысык-Көл, Чүй ж-а Иле ороондорунон табылган бир катар тургун жайлар далил болот. Усун урууларынын дыйканчылык м-н кесип кылганын добо мүрзөлөрдү казууда табылган жаргылчактар ж-а таруунун дандары көрсөтүп турат. Жазма даректерден учураган Тянь-Шанда усундардын отурукташкандыгы ж-дөгү толук эмес айрым маалыматтар ж-а археологиялык изилдөөлөр алардын чарбасы комплекстүү малчылык-дыйканчылык мүнөзүнө ээ болгон деп эсептоого мүмкүндүк берет. Көчмөн усундар боз үйлөрдө жашап, эт, сүт м-н оокат кылышкан. Үй тиричилигинде карапа, жыгач ж-а тери идиштер колдонулган. Көнчүлүк буюмдар, айрыкча курал-жарактар темирден жасалган. Кол оңорчулуктүн карапа жасоо, металл, жыгач, тери иштетүү ж-а токуучулук сыяктуу түрлөрү жакшы өнүккөн. Усун коомунда таптар пайда боло баштаган. Миңдеген жылкы, уй ж. б. малдары бар урук-уруу ак сөөктөрү жамааттык жайыттарды өзүлөрүнө менчиктеп, уруунун катардагы мүчөлөрүнөн кескин өзгөчөлөнө баштайт. Мисалы, өзөл мезгилдин жазма даректери боюнча айрым башкаруучулардын чарбаларында башка малын эсептебегенде да 4—5 миңден жылкысы болгондугу айтылат.

Усундар сак уруулары сыяктуу эле жоокер эл болгон. Алар Борб. Азиянын көчмөн урууларынын Тянь-Шанга басып кирүүлөрүнүн мизин бир канча жолу кайтарышкан. Усун атчандары соок м-н канталган оор жаа, кылычы темир жебе ж-а темир кылыч м-н куралданышкан. Усундардын мезгилинде Тянь-Шань калкынын Борб. ж-а О. Азиянын башка мамлекеттери ж-а элдери м-н эл аралык кеңири байланыштары түзүлгөн. Батыш м-н




Бүртүктүү ж-а асыл таш чогорулган алтын сөйкөлөр (1—5-к.) Торкен, Алмалуу, Жал-Арык кыштактары. Кетмен-Тобо ороону.


Чыгыштын көп өлкөлөрү Кыргызстандын аймагынан өткөн байыркы кербен жолу аркылуу соода жүргүзүшкөн.

Усундардын уруу союзу мамлекет түзүү баскычында турган. Бирок анын социалдык-экон. өнүгүшүнө көчмөндөрдүн, айрыкча гундардын узакка созулган тынымсыз чабуулдары кедергі болгон. Согуштар, о. эле башкаруучулардын арасындагы бийлик үчүн ич ара күрөш б. з. ч. 1-к-дын ортосунда усундардын уруу союзунун кулашына алып келген.

Кыргызстандын аймагында 1—5-к-да усундар м-н бирге, аларга тектеш уруулар (сөөктү казанактуу ж-а жарма көрлөрө коюшкан) да жашашкан. Алардын кайсы этноско таандык экени так белгилүү эмес. Ал эми өлүктүн мындай казанактуу ж-а жарма көрлөрө коюла башташын кээ бир окумуштуулар Тянь-Шанга гундардын же жужандардын келиши м-н байланыштырышат. Башкалары өлүктү мындай көмүү О. Азиянын коло доорундагы урууларында ж-а сактарда да болгон, демек жогоруда эскерилген уруулар орто азиялык эле жерг. калктан деп эсептешет. Сөөктү казанак-



Теке сөлөкөтүндөгү көкүрөк кооздугу (1—5-к.). Кара-Тектир. Кетмен-Тобо ороону.



Көчкөрдүн башы түшүрүлгөн кумура (1—5-к.). Торкен. Кетмен-Тобо ороону.

туу көрлөрө коюшкан бул уруулар көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушта жашашкан. Алардын чарбасынын негизин малчылык түзгөнү м-н дыйканчылык да өнүккөн. Кол оңорчулук: карапа жасоо, зергерчилик, металл, жыгач иштетүү, тери ийлөө, кийиз жасоо д. у. с. жогорку деңгээлге жеткен.

Бул көчмөн урууларда социалдык-мүлктүк жактан ачык жикке бөлүнүү байкалат. Сактардагыдай эле буларда да көрүстөндөрдүн эки түрү (уруунун карапайым мүчөлөрүнүкү ж-а уруу ак сөөктөрүнүкү) болгон. Уруу ак сөөктөрүнүн көрүстөндөрү чоң ж-а ага буюмдар көп коюлган. Айрым учурларда өлгөн адамдын бетине калдыркан алтындан бет кеп кийгизүү бул уруулардын соок коюу ырым-жырымынын өзгөчөлүгү болуп саналат. Көмүлгөн буюмдардын көбү алтындан асемделип, асыл таштар чогорулуп жасалган сойкөлөр, шакектер, каңылтырлар, медальондор болгон. Бул уруулар жаа (соок канталып жасалган), темир кылыч, шап, пайза м-н куралданышып, жоодон коргонуу үчүн соот кийишип, калкандарды пайдаланышкан. Негизинен боз үйлөрдө жашашып, турмуш тиричилигинде арча м-н карагайдан жасалган чойчоктордү, табактарды ж. б. идиштерди, төрт буттуу жапыз узун үстөлдөрдү, бешиктерди, ийиктерди урунушкан. Жокодон себет ж-а ар кыл кутуларды токушкан. Сөөктү казанактуу көрлөрө койгон уруулар Кыргызстандын бардык аймагында жашаган. Алардын материалдык маданиятынын элементтери кийинки мезгилде жашаган калкта да кездешет.

Тянь-Шань м-н Алайды көчмөн уруулар мекендеген мезгилде Түш. Кыргызстандын бир бөлүгү Фергана ороонунун аймагындагы кул ээлик Паркана мамлекетинин составына кирген. Ош обл-ның ар кайсы райондорунда шаарлар м-н кыштактардын калдыктары, коп сандаган каналдар м-н арыктардын пуктары (б. з. ч. 3—1-к.) ж. б. сакталып калган. Бул уруулардын чарбасынын негизин дыйканчылык түзүп, буудай, шалы, арпа, таруу, пахта, беде, бакча ж-а жашылча өсүмдүктөрүн эгишкен, жүзүмчүлүк м-н багбанчылык да өнүккөн. Чыгышта жогору бааланган асыл тукум жылкыларды өстүрүүгө олуттуу маани берилген. Күлүктөрдүн сүроттору Араван кыштагына жакын аскаларда сакталып калган. Паркана мамлекети б. з. ч. 1-к-дын аягында Кушан падышачылыгынын составына кирген. Бул мезгил Фергананын тарыхында кул ээлик мамилелердин андан ары өнүгүшү м-н мүнөздөлөт. Өндүрүч күчтөрдүн өнүгүшү өзөл мезгилдин чарб. ж-а маданий турмуш деңгээлинин жогорулашына, отурукташкан калктын Тянь-Шандын көчмөндөрү м-н байланыштарынын күчөшүнө, алардын маданиятынын өз ара бири бирине таасир тийгизишине ж. б-га түртүк берген. Өзөнтип, б. з. ч. 7-к-дан б. з. 6-к-на чейинки мезгилде Кыргызстандын аймагында көчмөн ж-а отурукташкан дыйканчылык чарбалары катар өнүгүп келген. Бирок көчмөн мал чарбачылык басымдуулук кылган. Көомдук мамилелердин ж-а өндүрүч күчтөрдүн барабара өнүгүшү 6-к-да феодализмдин пайда болушуна алып келген.


Д. Ф. Винник, И. Кожомбердиев


ФЕОДАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШТҮН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Кыргызстандын феодализм доорундагы тарыхы болжол м-н бири бирине барабар келген, б. а. ар бири 6—7 кылымды камтыган, бирок мүнөзү б-ча өтө айырмаланган 2 мезгилге бөлүнөт. Биринчи мезгилде (6—12-к.) Кыргызстандын бүткүл аймагында көчмөн малчылардын отурукташуусу м-н комплекстүү дыйканчылык чарбасына массалык түрдө өтүшү башталган ж-а көптөгөн кыштактар м-н шаарлар пайда болгон. Дыйканчылык чарбада негизги орунду ээлеген. Экинчи мезгилде отурукташкан дыйканчылык чарбасынын ж-а көптөгөн шаарлардын кыйрашынан кийин (13-к.) көчмөн мал чарбачылыгы кайрадан үстөмдүк кыла баштаган. Дыйканчылык б. з. 1-миң жылдыгынын орто ченине чейинкидей эле чарбачылыктын өз алдынча тармагы болуудан калган. Ал мал чарбачылыгында комокчу роль ойногон. Азыркы Кыргызстандын аймагында феодализмдин келип чыгышынын баштапкы мезгили О. Азиянын башка аймактарындагыдай эле 5—6-к-га таандык. Анын калыптанышы ж-а өнүгүшү Кыргызстандын ар кайсы жеринде ар башка убакта өтүп, олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Феодалдык мамилелер эзелтеден бери отурукташкан дыйкан чарбалары бар — Фергана, Шаш (Ташкен аймагы), Талас ж-а Чүй, Ысык-Көл ороондорунде ургаалдуу өнүккөн. Жалпысынан алганда Түн. Кыргызстандын феодалдашуусунда көптөгөн шаарлардын негизин түзгөн согдулук кыштактар бир кыйла таасир тийгизген. Атам заманда көчмөн мал чарбачылык өкүм сүргөн Тянь-Шанга тапантаң аймактарда феодалдашуу процесси жай жүргөн. Борб. Азия м-н Түш. Сибирдин мезгил-мезгили м-н Тянь-Шанды көздөй көчүп турган көчмөн уруулардын чарб. ж-а социалдык-саясий өнүгүшү ар башка деңгээлде болгон. Алардын журт которушу Тянь-Шандын калкынын этностук составын, мамл. түзүлүшүн, этномаданиятын бир топ өзгөрткөн, о. эле социалдык-экон. турмушун белгилүү бир деңгээлде артка тарткан (мис., социалдык-экон. жактан пачар өнүккөн Түш. Сибирдин

1. Балбал (10—12-к.). Кара-Балта. Чүй ороону. 2. Жыгач таякчадагы түрк руни жазуулары (7—10-к.). Ачык-Таш. Талас ороону.








Кемердин күмүш тогоосу (6—10-к.). Таш-Башат. Талас ороону. 2. Кемер жасалгалары (6—10-к.). Барскон. Жети-Огуз р-ну.

ацчы ж-а малчы уруулардын Тянь-Шандын дыйканчылык м-н кесип кылган калкына келип кошулушу).

5-к-дын аягы — 6-к-дын башында Тянь-Шандын аймагы эфталиттердин (О. Азияда түзүлгөн) мамлекетинин составына кирген. Бул мамлекет 6-к-дын 50-жылдарында Алтайда Түрк каганатынын пайда болушу ж-а түрк тилдеринде сүйлогон көп уруулардын О. Азияга басып кириши м-н кыйраган. Басып алуулардын натыйжасында каганаттын чек арасы Тынч океандан Иранга ж-а Кара деңиздин бойлоруна чейин кеңейген. Бул эбегейсиз зор каганаттын айрым аймактарынын социалдык-экон. жактан бирдей эместиги ж-а социалдык ички карама-каршылыктар 6—7-к-дын чегинде анын оз алдынча 2 мамлекетке — Чыгыш ж-а Батыш кагандыкка болунушуно алып келген. Админ.-саясий борбору Чүй ороонундо жайгашкан алгачкы феод. мамлекет болгон Батыш түрк каганаттынын курамына феодалдашкан уруу ак сөөктөрү башында турган уделдик аймактар кирген. Аскердик админ. үюму «он ок будуң» же «он ок эли» — «он жебе мамлекети (эли)», «он жебелүү түрктөр» деп аталган. Он уруулуу элдин Чүйдүн чыгыш тарабынан тартып Алтайга чейинки аймактарды ээлеген бешоо жалпысынан дулу деп, ал эми Чүй ороонунун батыш областтарын ээлеген бешоо нушиби деп аталган. Иерархия б-ча мамлекеттин башкы башкаруучусу — каганга баш ийишкен, алардын башчылары — чороло, эркиндер ж-а бегдер (кийин — бек, бий, бей) кочмон калктын феодалдык табын түзүшкөн. Кара будун — «букара (карапайым) эл» озунчо эркин деп эсептелгени м-н иш жүзүндө феодалдарга коз каранды болгон. Кыштактар м-н шаарлар социалдык-экон. түзүлүшү б-ча башкы кагандарга коз каранды болушуп, аларга белгилүү өлчөмдө салык төлөп турушкан. 8—9-к-да коомдун феодалдашуу процесси кочмон малчылардын дыйканчылыкка өтүшүнүн, отурукташуусунун күчөшүнө дал келип, натыйжада кыштактар м-н шаарлардын саны өскөн. Мында жайыттарды аймак б-ча менчиктөө алууну бекемдөө башкы оболго болгон, муну Тянь-Шандын бардык мал киндиктүү жерлерине чептердин курула башташы материалдык жактан бекемдеген. Бул процесс мурда келген «он жебелүү түрктөр» уруусуна гана эмес, о. эле Тянь-Шанга, Алтайга чектеш жаткан жерлерден кийинчерээк оошкон түргөш, карлук ж-а Борб. Азиядан келген тогуз-огуз, уйгур ж. б. уруулларга да мүнөздүү болгон.

Кыргызстанда ж-а Тянь-Шанга чектеш аймактарда феод. мамилелердин толук өнүгүшү О. Азияда Караханилер мамлекетинин өкүм сүргөн (10—12-к.) мезгилине туш келген. Ушул мезгилде дыйканчылыкка жарактуу бардык ороондор м-н ойдундарда калкы кол онорчулук-соодагерчиликтен башка дыйканчылыкты да кеңири кесип кылган чоң шаарлар пайда болгон. Эл жайгашкан негизги аймактардын тегерегинде узун дубалдар м-н курчалган айдоо аянттары алардын топографиялык түзүлүшүнүн мүнөздүү бир белгиси болгон. Мис., Чүй ороонүндө, кээ бир шаарлардын айдоолору жалпы аянты м-н бирге 10—20 км²ге жеткен (Краснореченск, Шиш-Тобо, Степной ж. б. шаар чалдыбарлары). Ар бир шаардын айдоо аянты анын азык-түлүк сырьё базасын түзгөн. Бөлжөл м-н Чүйдүн 19 шаарында 200 миңден ашык калк жашаган. Ошол мезгилде Ысык-Көл жээгинде ж-а Талас ороонунун жогору жагында көп миңдеген калкы бар шаарлар пайда болгон. Бул өзүнүн





Чопо оссуарий (сөөк сактагыч; 7—8-к.). Кызыл-Суу. Ысык-Ата р-ну.

мүнөзү жагынан мурдагы көчмөн малчылардын турмушундагы социалдык-экон. зор жылыш болгон. Ошол эле мезгилде, башка жерлердегидей эле Алдыңкы ж-а О. Азиянын феод. өнүгүшүнүн жалпы процессин көрсөткөн Фергана ороонундогу шаарлар өсүп өнүгө берген. Бул аймакта (Кыргызстанда да) икта деп аталган феодалдык шарттуу жер ээлөө кеңири тараган. Иктачылар жерди биротоло өзүнө менчиктөө алууга укуксуз болгон. Бирок алар кагандарга аскердик-мамл. кызмат аткаргандыктары үчүн жер ээлеп, дыйкандардан толук же жарым-жартылай салык алып турушкан. Шаарларда (дыйканчылыгы да болгон) икта м-н катар жерди жеке менчиктөө алуунун башка түрү да болгон, бирок мындай менчик биротоло бекитилип берилбегендиктен ээси андан оңой эле ажырап калган. Дыйкандар м-н малчылар иктачыларга коз карандылыгына карашпастан кол онорчулордой эле керт баштары эркин болгон, бирок о. кылымдын көптөгөн мамлекеттиндегидей эле дене кул да күтүлгөн. Социалдык-экон. прогресс шаар курулушунун, кол онорчулуктун, соодanын, материалдык ж-а рухий маданияттын өсүшү м-н коштолгон. Коомдун жалпы феодалдашуусуна диний идеологиянын өзгөрүшү — исламдын официалдуу мамл. дин катары таралышы да туура келген. Баласагун шаарынан чыккан Юсуптун коомдук турмуш эрежелеринин моралдык, этикалык жыйнагы — түрк тилиндеги биринчи шедевр — «Кутадгу билиг» («Бакыт табуу илими») аттуу дидактикалык дастанынын пайда болушу да ушул учурга таандык.

12-к-дын ортосунда Караханилер мамлекетин Чыгыш Монголиядан чыккан тунгус-монгол көчмөндөрү — кидандар басып алган. Башында гурхан (башкы кан)

Таштагы түрк руни жазуулары (7—10-к.). Айыртам-Ой. Талас ороону.






«Шах-Фазил» күмбөзүнүн түндүк фасады (11—12-к.). Ош обл.

турган бийлөөчү тоболдордун алмашылышы коомдук мамилелерге анчейин таасир тийгизбестен, эмгекчи калктын абалын гана начарлаткан. Кидан башкаруучулары оз мамлекетинин калкынан «ондук» салыкты ж-а коңшу коз каранды аймактардан алман алган. Мына ушундан улам Хорезм шахы ж-а селжуктар м-н согуш болуп турган. Натыйжада шаарлар ж-а дыйканчылык м-н кесип кылган калк талоонго учураган. Хорезм шахы м-н болгон согуш оңунан чыкпагандан кийин Гурхандын аскерлери (башчы туткунга түшүп калат) артка чегинишип, жолдо оз элин талап-тоношкон. 1210-ж. аскерлер ал эмес оз өлкөсүнүн борбору Баласагунду да (аларды шаардыктар шаарга киргизүүдөн баш тартканлыгы үчүн) талап алышкан.

Мамлекеттин кризиси 1205-ж. Чыңгызхандын аскерлеринен талкаланган Күчлүк хандын монгол-наймандардан куралган аскерлеринин калдыгы Алтайдан чыгып, Тянь-Шанды басып кирген учурга туш келген. Чыңгызхандын монголдорду бириктирүү аракети талоончул согуш м-н айкалышып, көптөгөн өлкөлөрдү каратып, элдерин кулга айландыруурга ж-а Монгол империясынын курамына кошууга багытталган. Күчлүк хандын бийликти басып алышы м-н жаңы салыктар көбөйгөн. Чыгыш Тянь-Шандын көэ бир аймактарындагы бийлөөчүлөр Күчлүк хан м-н болгон күрөштө монгол феодалдарынын О. Азияны басып алууга умтулганын алдын ала сезишпей, Чыңгызханга жардам сурап кайрылышкан. 1219-ж. эле Чыңгызхандын 150 миң адамдан турган аскери Тянь-Шанга басып киришкен. Баскынчыларга отурукташкан, бирок бытыранды, чачкын калк каршылык көрсөтө алган эмес. Малчы уруулар болсо түш.-батышка Памир-Алайды көздөй ж. б. жерлерге оон кетишкен. Монгол феодалдарынын узак мезгилдерге созулган оз ара согушунун ж-а Борб. Азия м-н Түш. Сибирден көптөгөн көчмөн монгол, түрк уруулларынын каптап киришинин натыйжасында шаарлар, кыштактар кыйран, дыйканчылык алабай бүлүнгөн. Монголдор басып алган жерлер калкы м-н кошо Чыңгызхандын уулдарынын ортосунда эзликтерге—улустарга бөлүнгөн. Тянь-Шандын батышынан Илеге чейинки аймак Чагатайдын эзелги болгон. Чыгыш Тянь-Шанга чектеш жаткан жерлерден Алтайга чейинки аймак (башкы ордосу Имил-Кобукта) улуу хандын такты мураскери (Чыңгызхандын ордун ээлөөчү) Угэдэйге бөлүштүрүлгөн (1228—46-жылдарда башкарган). 1251-ж. Монголияны башкарып турган Чыңгызхандын кенже уулу — Тулунун тактыны законсуз ээлеп алышы согуш м-н коштолгон. Бул согуштун натыйжасында Чыгыш Тянь-Шанда (13-к-дын 60-жылдарында) Монгол империясы кулап, Хайду хан башкарган оз алдынча жаңы мамлекет пайда болгон. Ал Угэдэй м-н Чагатайдын Алтайдан Аму-Дарыяга чейинки аймактагы мурдагы улустарын бириктирген. Угэдэйдин уулу Хайду хан [1269—1301(2)-ж. бийлеген] башкарган бул мамлекеттин түзүлүшү феодалдардын Таласта өткөн курултайында (1269-ж.) жарыяланып, О. Азия элдеринин мамл. саясий турмушундагы өтө маанилүү мезгилдердин бири болгон. Бул мамлекет 14-к-дын 60-жылдарына чейин, б. а. бир кылым жашаган. Хайду хан ж-а анын мурасчыларынын мамлекетинин админ.-саясий борбору Чүй, Талас ж-а Иле д-ларынын аралыгындагы аймак болгон. Ички абалды жөнгө салуу м-н бирге, салык жыйноо ж-а көчмөндөрдүн жайыт ээлөө маселеси тартипке келтирилген. Хайду хандын мамлекетинде 1271-ж. башталып, 80—90-жылдарда аяктаган акча реформасы сооданын күчөшүнө ж-а товар өндүрүшүнүн өсүшүнө шарт түзгөн.

Бул мамлекеттин батыш ж-а чыгыш болүгүндө, б. а. Мавераннахр м-н Тянь-Шанда социалдык-экон. турмуш бирдей өңүккөн эмес. Мавераннахрга (Аму-Дарыя м-н Сыр-Дарыянын ортосундагы аймак) жаңыдан башка монгол-түрк көчмөн уруулары келип, 14-к-дын орто ченинде мындагы шаарларда ж-а дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерде турмуш тиричилик кадимкидей жанданып, кызый баштаган. Тянь-Шанда болсо жаңы көчмөн уруулар өтө көп басып кирип тургандыктан андагы шаарлар кыйрап, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү начарлаган ж-а 6—7-к-дардагыдай эле кайрадан көчмөн мал чарбасы үстөмдүк кыла баштаган. Хайду хандын мамлекети





Тору-Айгыр шаар чалдыбары (13—15-к.). Ысык-Көл р-ну.

14-к-дын 60-жылдарында Монголстанга же Моголстанга (Тянь-Шанда) ж-а Мавераннахрга же Темирдин ж-а анын тукумдарынын мамлекетине бөлүнгөн. Бул эки мамлекеттеги калктын этномаданиятына таасир этип, алардын айырмаланышына себеп болгон. Мавераннахрдын калкы оздорун чагатай деп, ал эми Тянь-Шандын көчмөн калкы оздорун бийлеп турган монгол уруулларынын атынан — мо(н)гол деп аташкан.

14-к-дын 60-жылдарында бийликке келген Темирдин (Тимурленг — «Аксак Темир» же Тамерлан деген ат

Таш-Рабат кербен сарайы (15-к.). Ат-Башы р-ну.



менен белгилүү) баскынчылык, талоончулук согуштук саясаты Моголстанда коомдук өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүн үзгүлтүккө учуратқан. Темирдин баскынчы аскерлери 30 жыл бою Моголстандын калкын чаап-тонап, кул кылганы айдап кетип ж-а массалык түрдө кырып турган. 1389-жылкы жортуулдан Моголстан аябай бүлүнүп, баскынчыларга каармандык менен каршылык көрсөткөн. Калктын көчүүлүк бөлүгү аргасыздан Тянь-Шандан Алтайга сүрүлүп, 1405-ж. Темир өлүп, анын мамлекети начарлагандан кийин гана алар кайра кайтышкан. 15-к-дын 1-жарымында Темирдин талоончул согуштарынан кийин начарлап калган Моголстанда моголдук ири феодалдардын жайыттарды өздөрүнө мен-чиктеп эзип алышынын натыйжасында феодалдык бытырандылык күчөгөн. Ушул эле мезгилде 15-к-дын орто ченинде Моголстандын аймагындагы кыргыз уруулары-нын бир элге баш кошуп, мамлекет түзүү процесси жүргөн. 15-к-дын 70-жылдарында Тянь-Шанда кыргыздардын өз алдынча мамлекеттик бирикмеси же хандыгы болгон. Алардын өз мамлекетин чыңдоосу моголдук феодалдарга каршы бөлтөндүк күрөшү м-н коштолуп, бул 1510-ж. моголдорду Түн. Кыргызстан м-н Борб. Тянь-Шандан Кашкар ж-а Чыгыш Туркстанга сүрүү м-н аяктаган. Кыргыз элин кайрадан багынтып, жайыттарын алууну көздөгөн Рашид хан башында турган моголдук феодалдарга каршы кыргыздар жарым кылым бою согуш жүргүзгөн. 16-к-дын орто ченинде кыргыздар казактар м-н союздаш болуп, өзүнүн коз каранды эместигин коргоп калган.

К. И. Петров

ТЯНЬ-ШАНДАГЫ ЭТНОСТУК ПРОЦЕССТЕР ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ

Кыргыз ССРинин азыркы аймагынын чек арасы узакка созулган тарыхый процесстин натыйжасында калыптанып түзүлгөн. Орто кылымда бул аймак эл болуп түзүлгөнгө чейинки кыргыз уруулары сыяктуу эле ар кайсы мамлекеттик зор бирикмелердин курамдарына кирген. Көчмөн калк шартка жараша (жер ээликтерин кайра болуштуруу үчүн феодалдардын өз ара согуштары д. у. с.) көптөгөн кылымдар бою бүткүл Тянь-Шанда ж-а анын айланасындагы өтө кенири аймакта тынымсыз көчүп жүргөн. Кыргызстандын байыркы ж-а орто кылымдагы этностук тарыхын ж-а кыргыздардын эл катары калыптанышын бүткүл Тянь-Шандын айланасы м-н Түш. Сибирь аймагынын жалпы тарыхынан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Өткөн замандарда Тянь-Шань тоолору ж-а ага таандык жаткан аймактар көп сандаган көчмөн малчы уруулардын Борб. Азиядан Алдыңкы ж-а О. Азияга, о. эле мейкин талаалар аркылуу Чыгыш Европага карай биринин артынан бири тынымсыз көчүп турган зонага кирген. Ошол эле мезгилде ал жер Борб. Азиянын көчмөндөру м-н о. азиялык жарым көчмөн ж-а отурукташкан дыйкан элдердин маданиятынын өз ара карым-катнашынын да зонасы болгон.

Кыргыз элинин калыптанышы ж-до ар кыл божомолдор бар (Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973, 152—170-б.). Бул божомолдор кыргыз элинин этногенези б-ча Бүткүл союздук атайын илимий сессиянын (1956) «Корутундулары менен супуштарында» жыйынтыкталган: «Кыргыз эли жана анын маданияты, аз эле дегенде этностук эки элементтин — борбордук азиялык жана жергиликтүү орто азиялык элементтердин карым-катышынан пайда болгон. Кыргыз элинин этногенезиндеги мезгил жагынан бизге жакын биринчи кезектеги эң маанилүү учурларынын бири — бул б. з. 2-миң жылдыгынын 1-жарымындагы окуялар менен байланыштуу. Ушул доордо Кыргызстандын аймагына азыркы кыргыздардын ата-бабалары келип жайгай баштаган. Алар өздөрүнүн калыптанын калган тилинде сүйлөшкөн» (Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, т. 3, Фр., 1959, с. 233). Кийинчерээк көшүмча маалыматтар такталгандан кийин биринчи элементтен этностук эки топ бөлүнүп чыгарылган: Түш. Сибирдеги (Енисей — Иртыш д-ларынын аралыгы же Саян-Алтай м-н ага таандаш аймактар) түрк тилинде сүйлөгөн монголоид расасындагы уруулар ж-а Монголиянын өзүнүн монгол тилинде сүйлөгөн уруулары. Бир кыйла такталган ушул схемага ылайык кыргыз эли үч негизги компоненттен түзүлгөн: 1) монголдор каратканга чейинки Тянь-Шандын европеоид расасындагы жерг. көбүнчө карлук-уйгур калкынан (түрк тилинде сүйлөгөн); 2) Түш. Сибирдин түрк тилинде сүйлөгөн монголоид расасындагы уруулардан; 3) Борб. Азиянын монгол тилинде сүйлөгөн уруларынын бир бөлүгүнөн. Акыркы эки компоненттин жер ооп Тянь-Шандан көпүш алып калышы б. з. 2-миң жылдыгынын 1-жарымында Монгол империясынын пайда болуу ж-а кулоо мезгилине туура келет.

Расалык-антропологиялык тиби (сыртқы кебетеси) б-ча кыргыздар монгол расасынын Түш. Сибирде б. з. 1-миң жылдыгынын 2-жарымында калыптанган Түш. Сибирь бөлүгүнө кирет. Кыргыздардын бет чүкөсү чыгып, буудай жүздүү, көздөрү сурмалуу, сакал-муруту сүйдаң, чачы кайраттуу келип, аларга монголоид расасындагы элдерге тиешелүү дагы башка белгилер мүнөздүү. Кыргыздар өздөрүнүн антропологиялык негизги белгилери б-ча Борб. Азияда жашаган алтай, тува, монгол ж. б. элдерге жакын келет. Алар ушул эле белгилери б-ча Тянь-Шандагы Караханилер мамлекетинин карлук-уйгур калкынан, азыркы уйгур, өзбек, түркмөн, тажиктерден кескин айырмаланат. Кыргыздар казактар ж-а каракалпактар м-н бирге О. Азиянын азыркы башка бардык элдеринен монгол расасына таандык экендиги м-н айырмаланса да, казактар м-н каракалпактарга салыштырганда бир катар өзгөчөлүктөрго ээ. Мис., кыргыздардан монголоид расасына мүнөздүү элементтер даана көрүнөт (бул белгилер алтай ж-а тува элдеринде андан да ачык байкалат). Кыргыздардын турпаты м-н келбетиндеги европеоид расасынын элементтери эки түрдүүчө келип чыккан. Биринчиси — алтайлыктар м-н ортоктош элементтер б. з. 1-миң жылдыгынын экинчи жарымында Түш. Сибирдин түрк тилинде сүйлөгөн аргын монгол расачасы м-н европеоид калкынын аралашуу процессинде, экинчиси — 10—12-к-да Тянь-Шанда жашаган европеоиддик карлук-уйгур элдеринин тукумдары м-н аралашуудан улам пайда болгон. Тянь-Шань кыргыздарынын антропологиялык азыркы тиби 13-к. чендерде же андан кийинчерээк түзүлгөн. Кыргыз элинин негизги түпкү ата-бабалары Түш. Сибирден чыккан.

Элдин негизги белгилеринин бири — тил ж-догу маалыматтар жалпысынан антропологиялык маалыматтар м-н шайкеш келет. Кыргыз тилинин башка түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин тилине жакындыгы бирдей эмес. Кыргыз эли тили б-ча алтай, казак, каракалпак, башкырт, татар, ногой ж. б. элдер м-н бирге кыпчак деп аталган топко же түрк тилинде сүйлөгөн элдердин түн.-батыш тобуна кирет (байыркы Енисей кыргыздарынын, хакас ж-а тува элдеринин тилдери башка топко кирет). Кыргыздар антропологиялык тиби сыяктуу эле тили б-ча да Тянь-Шандын 10—12-к-дагы карлук-уйгур калкынан ж-а О. Азия элдеринин башка тобун түзгөн азыркы уйгур м-н өзбектерден айырмаланып турат. Башка хронологиялык классификация б-ча кыргыз тили алтай, казак, каракалпак, ногой тилдери м-н бирге «оң жагы тилдерге» кошулуп, «жагы» тилдердин тобунан — эски өзбек, азыркы өзбек ж-а уйгур тилдеринен, о. эле енисей кыргыздарынын, хакас, тува ж. б. элдердин тилдерин камтыган «байыркы» тилдердин тобунан


1



2


3


4


5


6



7


8

Тарых. 1. С. А. Чуйков. «1916-жылдагы көтөрүлүш». 1934—36. КМСМ. 2. В. Верещагин. «Кыргызстандын революцияга чейинки турмушу». КМСМ. 3. Кыргыздарда революцияга чейин жип ийрүү. 4. Буурусун менен жер айдоо. 5. Сабатсыздыкты жоюу. 20-жылдар. 6. Ысык-Ата минералдуу суусу. Пишпек уезди. 1915. 7. Кыргызстанда алгачкы аялдар клубунун ачылышы. Каракол округундагы Күрменту болушунун Талды-Суу кыш. 1925. 8. Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү б-ча митинг. 1927—28.
















Тарых. 1. Сокулук р-нундагы Киров атн. коммуна. 20-жылдар. 2. Ысык-Көлдүн жээгиндеги Кой-Сары санаторийи. 1930. 3. Чоң Чүй каналынын курулушунда. 1940. 4. Кыргыз аэроклубунун учкучтар тобу. 1942. 5. Кыргыз ССР ИАнын ачылышы. 1954. 6. Л. И. Брежнев Кыргыз ССРинин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө. 1970. 7. Токтогул ГЭСинин курулушу. 1975.

айырмаланып турат. Кыргыз тили алтай-кыпчак тилдери м-н узакка созулган карым-катыштын натыйжасында б. э. 2-миң жылдыгынын биринчи жарымында жалпы элдик тил катары калыптанып, ошол тилдер м-н бирге «кыргыз-тоолуу алтай жалпылыгын» түзгөн. Кыргыздардын алтайлыктар м-н тил жагынан өзгөчө жакындыгы алардын ата-бабаларынын өз мезгилинде узакка созулган этномаданияттык катнашта болгонун көрсөтөт. Кыргыздардын ата-бабаларынын кыйла бөлүгүнүн Иртыш — Енисей дарыялары аралыгында жайгашкан элдер м-н этногенездик байланышта болгондугуна алардагы урук-уруу топторунун окшош аталыштары ж-а этностук терминдердин көбүнүн дал келиши күбө болот.

Кыргыздардын материалдык маданиятындагы (үйжай жасоо ж-а жасалгалоодогу, кийим, үй тиричилик буюмдарындагы, тамак-аш даярдоодогу), о. эле жоролго-салттары м-н рухий маданиятынын башка көрүнүштөрүндөгү жакынкы мезгилдерге чейин сакталып келген өзгөчөлүктөр алтай, хакас, тува, казак ж. б. кээ бир элдерде да учурайт. Бул алардын маданияттарынын окшоштуктарын ж-а оз ара карым-катнашта болгонун ырастайт. 10—12-к-дагы карлук-уйгур элдери м-н этномаданияттык карым-катнаш аз байкалат, ал эми ороондордогу шаарлардын ж-а отурукташып дыйканчылык кылган элдердин тийгизген таасири жокко эсе. Диний идеологияда да о. эле көрүнүш болгон. Ислам Тянь-Шань элдерине мамл. дин катары эки ирет жайылтылган. Бирок ал 16-к-дын башында эл катары калыптануусу аяктап калган кыргыздар арасында начар тараган (муну В. В. Бартольд кыргыздардын Тянь-Шанга кийин келгендигинин далили катары белгилеген).

Жогорудагы белгилер кыргыздардын көбүнчө турпат-келбети м-н тилинин келип чыгышынын этностук аймактык чойросүн көрсөтсө, башка калктар м-н болгон карым-катнаштар Тянь-Шанда калыптанган кыргыз элинин турпат-келбетин аныктаган ата-бабалардын этномаданиятын бир аз чагылдырат. Бул кыргыз эли же алардын бир бөлүгү Түш. Сибирде эчак эле эл болуп калыптана баштаган деген түшүнүктү билдирбейт. Бул бөлүк анда жашап турган мезгилинде башка этностук аймактык жалпылыктын составдык элементи болгон, ал бара-бара озүнчө башка бир элге айланып кетиши да мүмкүн эле, бирок тарыхый жактан бөлүнүп, түрдүү элдерге (хакас, алтай, тянь-шань кыргыздары) кошулуп кеткен. Кыргыз элинин калыптана башташи Тянь-Шанда 3 негизги компоненттин карым-катнаш мезгилине, алардын ар бири оз этностук спецификасында сапаттык өзгөрүшкө дуушар боло баштаган учурга туш келет. Натыйжада алар бири-бири менен кошулуп, жаңы этностук жалпылык түзүлгөн. Анын өбөлгөлөрү болуп, 1) Түш. Сибирь, монгол компоненттеринин Тянь-Шанга өтүп, өздөрүнүн баштапкы этностук аймактык жалпылыгынан ажырашы (алар бул жерде өз ара байланышта ж-а жерг. компонент м-н карым-катышта боло алышкан); 2) 10—12-к-дагы Караханилер мамлекетиндеги жерг. карлук-уйгур жалпылыгынын майдаланып бөлүнүп кетиши (алардын бир бөлүгү жаңы эки компонент м-н карым-катышта боло алмак) эсептелет. Буга жалпы шарттар Монгол империясынын пайда болуу ж-а кулоо учурунда (13-к.) Борб. ж-а О. Азиянын монгол-түрк элдеринде ботонче этностук аймактык өзгөрүүлөр жүрүп жаткан мезгилде түзүлгөн. Ал кезде монгол ханзаадаларынын феод.-уруулук эзликтеринде кирген көп сандаган көчмөн уруулар О. Азия, Казакстан ж-а Чыгыш Европага чейинки зор аймактарда конуш которуп жүрүшкөн, натыйжада этнопроцесстер үзгүлтүккө учураган, же көптөгөн элдердин калыптануу жолу өзгөрүп кеткен.

Тянь-Шанда адам палеолиттен тартып жашай баштаганы белгилүү. Б. з. ч. 6—5-к-да байыркы перстер О. Азия калкынын көп бөлүгүн жалпысынан сактар, ал эми байыркы гректер скифтер деп аташкан. Тянь-Шанда сак-скифтердин материалдык маданиятын мурастап жайылткандардын кийинки мезгилдеги тарыхы азырынча белгисиз. Археологиялык маалыматтарда б. з. ч. 2-к-да түш.-чыгыштан усундар келген мезгилде Тянь-Шандын негизги калкынын жер ооштургану ж-дө айтылбайт. Биздин замандын башталышында арасында түрк тилинде сүйлөгөн уруулары бар борб. азиялык гуннидардын ар түркүн курамынан чыккан көчмөндөрдүн кирип келиши Чыгыш ж-а Түн. Тянь-Шандагы этностук процесстерге таасир тийгизген.

Биздин замандын 1-миң жылдыгынын 1-жарымы Чыгыш Тянь-Шанга чектеш аймактардан көчмөн уруу топторунун келишинин натыйжасында түрк тилиндеги жамааттардын таасиринин күчөө мезгили болгон. 6-к-дын орто ченинде Борб. Азиядан Тянь-Шанга оор келген көп сандаган «оң жебелүү түрк» урууларынын курамына жерг. эл кошулган. 746-ж. Алтайга чектеш жаткан аймактардан көчмөндөрдүн карлуктар деп аталган экинчи көп тобу жер которуп келген. 9-к-дын ортосунда Борб. Азиядан Чыгыш Тянь-Шанга байыркы уйгур урууларынын ото көп тобу келип, алардын бул жердеги мамлекети 12-к-га чейин жашаган. Ири ж-а көп сандаган шаарлар м-н кыштактардын пайда болушунун ж-а о. эле коомдун феодалдашуусунун патыйжасында 6—12-к-да көчмөндөрдүн массалык түрдө дыйканчылыкка отүүсү жүргөн. 10—12-к-да Караханилер мамлекетинин түшунда ороондордө сан жагынан басымдуулук кылган кыштак ж-а шаар калкынын ичинен (мис., Чүй ороонүндө эле 200 миңден ашуун киши) жаңы этномаданияттык жалпылык түзүлө баштаган. Бирок анын оз алдынча эл болуп калыптануу процесси 13-к-дагы монгол жапырыгы үзгүлтүккө учураткан. Ошол учурда Тянь-Шандын, а. и. Кыргызстандын азыркы аймагынын калкынын этномаданий онүгүшү Мавераннахрдын ж-а О. Азиянын чыгышындагы калктын онүгүшү м-н бирдей мүнөздө болгон. Бул жалпылык материалдык ж-а рухий маданияттан — архитектурадан, техникадан, карапачылык м-н кол онөрчүлүктүн башка түрлөрүнөн, исламдын таралышынан көрүнгөн. Ага ылайык тил жагынан жакындык — карлук-уйгур топчосунун тили деп аталган тил түзүлө баштаган. Юсуп Баласагунунун «Кутадгу билиг» («Бакыт табуу илими») деген белгилүү дастаны ж-а Барскон шаарында (Ысык-Көл жээгинде) төрөлгөн Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» ошол процесстин (11-к.) эстелиги болуп эсептелет. Ушул тилдин негизинде кийинчерээк эски өзбек (чагатай) тили, Чыгыш Түркстан диалектилери ж-а Кыргызстандын аймагында жашаган калктын (13—14-к-да сакги мололордогу жазма эстеликтерди калтырган) тили онүккөн.

Тянь-Шандын монголдор басып киргенге чейинки мезгилдеги отурукташкан ж-а көчмөн калкы антропологиялык жактан жалпысынан монголоиддик раса м-н аралашкан европеоид болушкан. Чыгыш Монголиядан чыккан кидардардын 12-к-да Тянь-Шанга келиши, мурдагы Караханилер мамлекетине үстөмдүк кылышы м-н алардын көчмөн калктар м-н аралашуусу күчөгөн. 10—12-к-дагы Тянь-Шандагы бул мамлекетти ж-а анын калкын караханилер деп атоо — жасалма. Мындай атоо адабиятка өткөн кылымда караханилердин, кагандардын өкүмдарларынын титулдары б-ча киргизилген. Жазма даректерге караганда 6—12-к-да Тянь-Шандын калкы жалпысынан түрк, оғуз, карлук деп аталган. Түрк деген атка 6-к-га чейин Борб. Азиянын анча чоң эмес уруулар тобу эө болгон. 6—7-к-да О. Азияда кагандык түзүлгөндөн кийин мурда мындай аталбаган, бирок тили б-ча жакын келген башка элдер (мис., печенегдер, хазарлар ж. б.) да түрк деп атала баштаган. 6—9-к-да Борб. Азиядагы көптөгөн уруу топтору оғуз деп аталган. Ошол топтордун бири 6-к-да Түрк кагандыгы түзүлгөндө Тянь-Шанда туруп калган. Анын аты м-н Батыш Тянь-Шандын калкынын бир бөлүгү 10-к-га чейин аталган, алар Арал м-н Каспий бойлоруна жер которуп кеткенден кийин, ошол этоним м-н бардык жерг. элдерди атап калышкан. Карлуктар деген ат м-н

ар кайсы калктар ар кандай мезгилдерде аталып жүрүшкөн: 8-к-га чейин Алтайдагы уруулардын анча чоң эмес тобу, 8-к-да Тянь-Шанда каганддык түзүлгөндөн кийин анын составына кирген бардык жерг. калк ушундай аталган. Ошентип ар кайсы аймактарда этностук терминдер канчалык узакка жашаса, кийин ал калктарга алгачкы аттары ошончолук туура келбей калган. Буга б. з. 1-миң жылдыгындагы «кыргыз» деген этностук термин да мисал болот. Бул ат м-н адегенде Енисейдеги Минуса ойдуңунда жашаган уруулар курамы аталган болучу. 841—42-ж. кыргыз каганынын аскерлери көчүп бара жаткан уйгурларды куун баратып, Чыгыш Тянь-Шанга чектеш жердеги эки шаарды басып алган. Ошол аскерлердин кандайдыр бир тобу «кыргыз» деген ат м-н ушул жерде туруп калган деген божомолдор бар. Бул топтун этномаданиятынын Жогорку Енисейдеги белгилүү бир уруунун курамына таандык экендиги анын кийинки тагдыры сыяктуу эле белгисиз. Жалпы этномаданияты б-ча борб. азиялык уруулардан жакын болгондуктан, кылзы бул топ, кийин улам убакыттын өтүшү м-н лобнордуктардын же сары уйгурлардын курамына кирип, Чыгыш Түркстандын жерг. калкына сиңип кетсе керек. Караханилер мамлекетинин калкына анын этностук маданиятынын таасири тийген эмес. О. эле ал топ андан 7—8-к. өткөндөн кийин азыркы Кыргызстандын аймагында түзүлгөн кыргыз элинин этномаданиятынын негизи боло алмак эмес.

13-кылымдын башындагы монгол жаңырыгында О. Азиянын этномаданиятынын өнүгүшү бөтөнчө өзгөрүүлөрго туш келген. Баарыдан мурда Монголия м-н коңшулаш Чыгыш Тянь-Шандын калкынын этностук курамында көп өзгөрүү болгон. Иртыш — Иле д-ларынын аралыгындагы мейкин ороондор, Алтай — Тянь-Шань тоолорунун этектери жыл бою малга сонун жайыт болгон. Бирок бул аймак монгол хандары үчүн мамл.-стратегиялык жактан, б. а. Казакстан, О. Азия, Чыгыш Түркстан элдерин тейлеп, Монголиянын өзүндөгү ички абалды байкап, көзөмөлдөп туруу үчүн плацдарм катары да өзгөчө маанилүү роль ойногон. Ошондуктан Монгол империясы пайда болгондон эле бул жерден карамагында 200 миңден ашык монгол малчысы бар бет ханзаада (Чыңгыз тукумдары) ордолору орун алган. Алардын мында келип, конуш алууларынын натыйжалары 1253-ж. Чыгыш Тянь-Шандан өткөн В. Рубрук тарабынан мындай деп жазылган: «Жогоруда айтылып кеткен ороондо мурун көп шаарлар болгон, бирок алардын көпчүлүгү татарлар (монголдор) тарабынан талкаланып, бул берекелүү жерлер мал жайытына айландырылган». Ал монголдордон кийин бул аймакка түрктордун көчмөн жаңы көп уруулары жер которуп келип, «бүт олкону эзелен (каратып) алгандыгы» жөнүндө да баяндаган. Тянь-Шандын кыштактары м-н шаарлары касташкан ханзаадалар бири биринин эзликтерин талап-тоной баштаган 13-к.—14-к-дын башындагы феод. оз ара чыр-чатактардын мезгилинде талкаланып бүлүнгөн.

Шаарлардын кыйроосу м-н бирге Чыгыш Түркстан м-н Мавераннахрдын оазистерине оон келген (10—12-к-да) дыйкандар ж-а шаар калктары да жок болгон (алардын саны Түн. Тянь-Шандын бир нече ороондорүндө гана жарым миллиондон ашкан). Жайыттарды басып алган жаңы көчмөндөр жерг. малчы калктын көбүн оз жерлеринен сүрүп чыгышкан. Монголдор оз карамагындагы түрк тилдеринде сүйлөгөн көчмөн уруулардын көпчүлүгүн Түш. Сибирден Тянь-Шанга көчүрүшкөн. Алардын жанырт жер которуусу айрыкча 13-к-дын 2-жарымында Чыңгыз тукумдарынын феод. оз ара чабышуу, Монгол империясынын кыйроо мезгилинде (1269-ж. О. Азияда, борбору Чүй ж-а Талас д-ларынын аралыгынан орун алган жаңы Хайду мамлекети түзүлгөн учурда) күч алган. Бул мамлекет 14-к-дын 70-жылдарында эңиге: Темирдин мамлекетине (Мавераннахр) ж-а Моголстанга (Тянь-Шанда) бөлүнүп кеткенге чейин жашаган.

Тянь-Шань калкы бийлеп турган көчмөн уруулардын атынан мо(и)голдор деп атала баштаган [жазма дареклерде мо(и)гол — могол — могул деген түрктоштүрүлгөн формасы колдонулган]. Ага ылайык Иртыштан Мавераннахрга чейинки аймакты эзелен жаткан мамлекет да алды м-н Моголстан деп аталган. Могол көчмөн уруулары аз санда болгондуктан түрк тилинде сүйлөгөн элдерге аралашып сиңип кеткен. Бирок алардын аты мамл.-саясий термин катары 14-к-дын аягынан 16-к-га чейин ж-а андан кийин да ар кыл калктарга тараган. Атап айтканда, Чыгыш Түркстандын оазистериндеги отурукташып, дыйканчылык м-н кесип кылган карлук-уйгур калктарына тараган, бирок 16-к-дын аяк ченинде Моголстан деген ат Моголия деп кыскача айтыла баштаган. Ошол эле учурда бул термин басылып алынган Түн. Индияга тараган (мында могол төбөлдөрү «Улуу моголдор» мамлекетин негиздеп, ал 18-к-га, Англия колониялап алганга чейин жашаган). Кыргыздардын өзүнө эл катары калыптанганга ж-а кыргыз деген жалпы элдик этнонимге ээ болгонго чейинки уруу топторунун ар түрдүү аталышы алардын 14—15-к-дагы этностук тарыхы сыяктуу эле Алтай тараптан оон келүү себептерин изилдеп тактоодо да кыйынчылын туудуруп олтурат. Алар сыягы көчмөн феод.-уруулук бирикмелердин курамына кирсе керек, а. и. могол бирикмелерине киргендиги ж-да маалыматтар бар, бирок алардын ички уруу-урук курамын тактоого азырынча мүмкүнчүлүктөр жок. 14-к-дын экинчи жарымында Тянь-Шандын чыгышына чектеш жерлерде калыптана баштаган кыргыз элинин негизги үч бирикмеси: сол канат, оң канат жана ичкилик топтору жазма маалыматтарда ар башка аттар м-н аталган. Мис., ичкилик — бул (а)гачы деп, ал эми сол канат менен оң канаттын уруу бирикмелери «Түндүктүн ж-а (Ж)етинин каркыралык кыпчактары» деп аталган. 16-к-дагы Сейф ад-дин Ахсикентинин «Тарыхтар жыйнагы» б-ча Каркыра менен Жети кашканын «түпкү теги бир». Каркыра персонажга айландырылган этнотопоним ж-а «Манас» эпосунун каарманы Манастын бабасынын ысмы; «Кашка» үйүрдүн кашка камбары ж-а о. эле уруунун жол башчысы деген маанини түшүндүрөт. Түрктордо «Жети» ыйык сан деп эсептелген. Ошондон улам «жети уруулуу», «жети уруу журт» дегендер түрк элдеринде кеңири тараган; кыргыздарда да көп уруу топтору «жети уруу» деп аталган ж-а анын оң канатынын негизги жети уруусунун түпкү атасы Тагай ж-дагу уламышта да ушундай айтылат. Урууларды мындай атоо казактарда да учурайт, алардын бир бөлүгүнүн «жети атадан» тарагандыгы ж-дө уламыш да бар. «Жети кашка» — «Жети жол башчы» деген соз, кыпчак-казак уруларына тиешелүү болсо керек. «Жети» деген термин ошол эле мезгилде жер аттары катары да колдонулган. Мис., Балкаштын түштүгү м-н чектеш жаткан аймактар 14—15-к-дан биздин күндөргө чейин Жети-Суу деп аталган. Чыгыш Тянь-Шанда жети уруунун ролунун күчөшүнөн ж-а моголдордун бийлигинин начарлашынан улам 15-к-дагы авторлор «жети» деген атты моголдорго ж-а Моголстанга («Жетилердин өлкөсү») таратышкан.

14-к-дын аягы — 15-к-дын башы чендер Тянь-Шандын ж-а калыптанып келаткан кыргыз элинин этностук тарыхындагы эң оор мезгил болгон. Анткени бул мезгилде Темир ж-а анын тукумдарынын аскерлери Тянь-Шандан Алтайга чейинки аймактагы бардык көчмөн калкты улам-улам кырып-тоноп турган. Ал башка өлколордогу басып алуулардыгыдай эле, мында да жерг. калкты тоноо ж-а аларды туткундап Мавераннахрга алып кетүү м-н аскердик феод. төбөлдөрдү байытуу саясатын көздөгөн. Көчмөн уруулар Темирдин аскерлеринин тынымсыз кол салуусунан үй-эмеректерин ж-а малын таштап, Алтайга качып кутулушкан. Өлкө элсиз калып, моголдордун мамл. уюму бытыраган. Чыгыш Тянь-Шанга чектеш жаткан жерлердеги кыргыз-казак уруулары Темирдин жортуулдарынан азыраак жапа


чеккен. Аларда өзүнчө эл болуп, оз ара биригүү процесси жүргөн. Борб. Моголстандын ээн жаткан жайыттарын чет-жакадагы уруулар ээлей баштаган. 15-к-дын 50-жылдарында Арал боюнан Талас — Чүй ороондөрүнө ж-а андан да түштүгүроок жактарга кыпчак-казак уруулары (200 миңге чейин адам) жапырт көчүп келген. 60-жылдары бул жерде курамында казак элинин бир бөлүгү (Орто жүз, Улуу жүз) кирген казактын жаңы хандыгы түзүлгөн. Бирок 1468-жылдан кийин казак хандыгынын калкы кайра толук бойдон көчүп кеткен. Тянь-Шандагы Могол улусу кийинки 15 жыл ичинде таптакыр бытыраган. Ошол эле учурда кыргыз элинин биригиши аяктап, 80-жылдары оз мамлекети, б. а. кыргыз улусу же хандыгы түзүлгөн.

15-к-дын акыркы чейрегинде ж-а 16-к-дын башында кыргыздар могол урууларынын баарын Нарындан Кашкарга сүрүп чыгышкан. Ал жөнүндө «Тарихи Рашиди» — «Рашиддин тарыхтары» деген китептин автору 16-к-дын биринчи жарымында жашаган могол Мырза Мухаммед Хайдар «1510-жылдан кыргыздар Моголстанда бир да моголдун жашоосуна мүмкүнчүлүк берген эмес» деп жазган. Кыргыздар моголдордун андан кийинки чабуулдарынын мизин кайтарып, жарым кылым бою алар м-н согушуп турган. Автор ошол учурда жашаган ж-а ошондогу согуштарга катышкан адам катары «кыргыздарды», о. эле «башка элдерди» даана айырмалаган. 15-к-дын акыркы чейреги м-н 16-к-дын башын кыргыз элинин негизги курамынын биротоло түзүлгөн мезгили деп эсептөө керек. Аны калыптанган эл катары аныктоо үчүн төмөнкүдөй негизги белгилери: этностук жалпылыгын аңдоосу, эл катары өзүнчө аталышы, эл оз мамлекети м-н коргоп келген этностук аймактын жалпылыгы, ушул учурда түзүлүп бүткөн жалпы элдик тили, акырында, ошол кездеги калыптанган урук-тукум курамы болгон.

Өзүн өзү этностук жактан андан билүүнүн айрым адамдын же адам топторунун бир этностук жалпылыкка — элге таандык экенин аныктоонун чечүүчү маанизи бар. Мындай ажырата билүү кыргыздарда болгон, ар бир кыргыз өзүн моголдордон так ажырата билген. Жалпылык ж-дагу түшүнүк «жалпы ата-бабалардын» бир болгондугунан объективдүү түрдө келип чыккан. «Мажму-ат-таварихтин» (16-к-дын биринчи жарымы) багыш 19—20-к-дагы уламыштар б-ча адигинеңин бир бөлүгү болгон. 3. Доолос «Мажму-ат-таварих» ж-а азыркы учурдагы кээ бир баяндар б-ча сары багыш уруусунун түпкү атасы болуп жүрөт. 4. «Мажму-ат-таварих» б-ча кара чоро тукумундагы топтун курамы так белгилүү эмес. Эки «канатка» бөлүнүү көпчүлүк түрк-монгол элдерине мүнөздүү. Ата-баба ж-дөгү санжыра жоготуда келтирилген урук-тукум курамы кыргыздар арасында ушул күнгө чейин сакталып келатат (келтирилген даректер б-ча үч бирикмедеги бардык уруулардын саны жасалма түрдө «алты уулдун тукумуна» таандык кылынган, ошондуктан «ашык» уруулар аталган эмес. Уруулардын негизги ушул курамы кийинки кылымдарда өзгөрүлгөн эмес, бирок кыргыздашкан кээ бир башка элдерден келген топтор м-н толуктальш турган (мис., калмак, коңурат, жетиген ж. б.).

«Кыргыз» деген жалпы аттын кыргыздарга (кыргыз калкына) гана таандык болуп айтылып калышын элдин бириигүү учурунда эски терминдин кайтадан жаңырышы катары кароо керек. Аны Түш. Сибирдин урууларынын бир бөлүгү мамл.-саясий термин катары сактап калса керек. Тянь-Шанга элдин оор келип, калыптануу мезгилинде жогоруда айтылып кеткен учурдагыдай эле «кыргыз» деген ат бүт элдин курамына таралган. «Кыргыз» деген термин, элдик уламыштар б-ча «кырк-кыз» — деп чечмеленип, кыргыз кырк кыздан тараган деп айтылат. Бул терминдин «кырккыз» (кырк — дегенден), кыр-гыз (талаа эли), кырк жүздүк эл ж. б. деп ар түрдүү чечмелениши лингвистикалын жактан ынанымдуу эмес. Акыркы божомолдоолор б-ча кыргыз деген термин байыркы түрк сын атоочу кыргу, кырыг — кызыл дегенге -ыз көптүк мүчөсү уланып, [кыр(ы)г-ыз] пайда болгон деп жүрөт (К. И. Петров, К этимологии термина «кыргыз», «Сов. этнография», № 2, 1964; А. Н. Кононов, Ещё раз об этнониме «кыргыз», в кн.: «Тюркологические исследования, Фр., 1970). Ыйык-символдук маанидеги оң-түстү (кызыл, сары) билдирген топоэтнонимдер б. з. 1-миң жылдыгында Түш. Сибирь ж. б. райондордогу түрк тилинде сүйлөгөн элдер арасында кеңири таралган [мис., «ала», «ал(а)чы» — ачык кызыл, ала була, «кум», «куб» — сары деген сөздөр Түш. Сибирдеги алагачын, куман элдеринин аты, кыргыздардагы алакчын, алчиген, кубу,

Кыргыз элинин 15-к-дын башы — 16-к-дын аягындагы уруу-уруктук курамы
(«Мажму-ат-таварих» б-ча)



¹ Жоон арип м-н топтордун же уруулардын «түп атасы»,
² Жөнөкөй арип м-н «Мажму-ат-таварихте» саналган уруулардын аттары,
³ Курсив м-н 19—20-к-дагы уламыштар б-ча бирикмелердин курамын толуктаган уруулардын аттары берилген.

автору жазып калтырган уламыштарга караганда оң ж-а сол канаттын уруулары өздөрүнө таандык 20га жакын жалпы түпкү ата-тегин билген. Алардын аттары ушул күндөргө чейин сакталып калган. 1. Муңгуш, адигине ж-а кара багыш уруулардын түпкү аталары Тагайдын бир туугандары деп, ал эми оң канаттын калган уруулары анын тукуму деп эсептелген. 2. Кара кубат аттуу уруулардын аталышы]. «Кырг-ыз» — кызылдар деген сөз алгач жердин атын билдирип, кийинчерээк ал ат м-н ошол жерде жашаган элдер аталып калышы ыктымал.

15-к-дын аягы — 16-к-дын башында кыргыз элинин калыптанышынын этностук аймагы болкол м-н азыр ал мекенден турган Тянь-Шандын аймагы болгон.

Кийинки кылымда ал Памир-Алайды коздой кецейген. Кыргыздардын айрым топтору ар кыл мезгилде Чыгыш Түркстан ж. б. аймактар б-ча кочуп жүрүшкон. Алар өздөрүн илгери да ж-а ушул күндөрдө да кыргыз элинин болүгүбүз же окулдорубуз деп эсептешет. 19-к-дын алгында Кыргызстанда жашаган бүткүл калк ж-догу маалыматтарга (547 миң адам) таянуудан улам, мурдагы 3 кылымдын ичинде элдин 200—300 миң адамга өсүшүн, б. а. жылына орто эсеп м-н 1 миң адамга көбөйүп турушун эске алуу менен 15—16-к-да кыргыз элинин жалпы саны 300±100 миң адамга жетсе керек деп болжолдоого болот.

16-к-да калыптанган кыргыз эли башка элдердей эле, өзүнүн этномаданиятынын өнүгүшүндө белгилүү бир өзгөрүүлөрго дуушар болуп келген. Бул анын Совет мамлекетинин составында улутка өсүп чыкканга чейинки өнүгүүсүнүн табигый-тарыхый процесси болгон.

К. И. Петров

КЫРГЫЗСТАН 16—18-КЫЛЫМДАРДА

16—18-кылымдарда кыргыз эли андан ары өнүккөн. 15-к-дын башында кыргыз эли түзүлүп бүткөн этностук курамга, жалпы элдик тилге, жалпы аймакка, турмушунун кочмон формасы м-н чарба укладынын бир тектүүлүгүнө, материалдык жана рухий маданиятынын өзгочөлүгүнө, азыркы кыргыз улутуна мүнөздүү сырткы келбетке ээ болгон. Кыргыздар эл болуп түзүлүү мезгилинде узак убакыт бою кыпчактар, калмактар м-н жакын катышта болушса да, тили, материалдык ж-а рухий маданияты, о. эле антропологиялык тиби б-ча казак, каракалпак, алтай, хакас, тувалыктарга абдан жакын келген. Кыргыздар өткөн кылымдардагыдай эле жайыт мал чарбачылыгы м-н кесиптенишкен. Алар малын жылы бою жайытта багып, негизинен жылкы менен кой, бир аз уй, о. эле түздүктөрдө төө, бийик тоолуу жерлерде тоноз асырашкан. Ар бир айыл өз «жаздоо», «жайлоо», «күздоо», «кыштоосунда» көчүп жүрүшкөн. Кыргызстандын мал чарбасы О. Азия м-н Чыгыш Түркстандын отурукташкан дыйканчылык аймактары үчүн чоң маанiге ээ болгон. Анткени алардын Анжиян, Ош, Өзгөн, Наманган, Ташкен, Кашкар, Үч-Турпан, Кулжадагы базарларында Кыргызстандан айдалып келинген жылкы ж-а кой сатылып турган. Фергана, Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү ж-а Ысык-Көл ойдуңундагы жерлердин аз болүгү, Ат-Башы, Тогуз-Торо, Нарын, Кетмен-Төбө ж. б. өрөөндөрдөгү жердин андан да азы иштетилген. Айдоонун басымдуу болүгүн кайрак жер түзүп, бирок сугат жерлер да болгон. Көбүнчө Кыргызстандын тартына ылайык келген таруу м-н арпа, азыраак буудай айдалган. Дыйканчылык техникасы өтө жөнөкөй болгон. Чарбада аңчылык да белгилүү роль ойногон. Чарбасы натуралай болуп, бирок соода товар алмашуу формасында жүргөн; кой м-н жылкы, о. эле тери, булгаары, жүн, кийиз, баалуу аң терилери кол өнөрчүлүк өндүрүштүн товарларына ж-а о. ж. буюмдарына (биринчи кезекте көбөз ж-а жибек кездемелер, о. эле булгаары бут кийим, идиш-аяк, металл буюмдар, курал-жарак ж-а үй тиричилик буюмдары, кымбат баалуу буюмдар) ж-а дыйканчылыктын продукцияларына (чай, кант, эгин, күрүч, таттуу тамак, кургатылган жемиштер, татымал, бал, шаран ж. б.) алмаштырылган. Чыгыш Түркстандан, О. Азия м-н Россиянын шаарларынан соодагерлер каттап турушкан. Россиядан, айрыкча 18-к-дан тартып чыт, нооту, булгаары, чоюн ж-а темир буюмдар улам көбүрөөк келип турган. Россия м-н О. Азиядан Чыгыш Түркстан м-н Кытайга баруучу соода жолу Кыргызстан аркылуу өткөн. Кол өнөрчүлүк өндүрүш үй тиричилик мүнөзүндө болуп, мал чарба продуктуларын иштеп чыккан. Жүндөн, булгаарыдан, кой терисинен ж-а жыгачтан ээр, ат жабдык, боз үй, идиш-аяк, кездеме үчүн ийрилген жип, кийим, кийиз, килем, турмуш тиричилигине керектүү ж. б. буюмдар жасалган. Темирден курал-жарак, эмгек шаймандарын жасаган усталар, о. эле алтын-күмүштөн кооз буюмдарды жасаган зергерлер да болгон. Колдонмо өнөрү өнүгүп, көптөгөн буюмдардын жасалышы жогорку көркөм деңгээлге жеткен. Малчылыктын ж-а кочмөндүктүн шартында өндүргүч күчтөр жай өнүккөн.

Соңку орто кылымдагы кыргыз коому негизги эки таптан: феодалдардан (байлар, манаптар, бийлер, кожо-молдолор) ж-а көз каранды калк — букаралардан турган. Патриархалдык-уруулук мамилелердин калдыктары күчтүү болгон, аларды феодалдык эзүүнү жылмалоого аракеттенген уруу ак сөөктөрү өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланышкан. Укуктук ж-а материалдык зор теңсиздик өкүм сүргөн: жайыт, айдоо жерлер, малдын көпчүлүгү феодалдардын колунда топтолуп, калктын аз малдуу басымдуу болүгү аларга көз каранды болгон. Көз каранды калк укуктук жактан аларга баш байланбаса да, ар кыл формада азык-түлүк салыгын төлөп, ар кандай түйшүктүү иштерди жасап берүүгө милдеттүү болгон. Феодалдар букараны эзүү м-н бирге, өз чарбасында кедейлер м-н кулдардын эмгегинен да пайдаланышкан. Көз каранды калктын эң жакыр катмары — малсыз кедейлер байлардын зомбулугуна кабылышкан. Өз айылынан болүнүп калган букаралар да башка феодалдардын эзүүсүнө дуушар болушкан. Өзгөчө катмарды патриархалдык кулдар — негизинен согуш туткундары, кылымшкерлер, о. эле карызын төлөй албагандар — элдин эң кедей катмарынан чыккандар түзгөн. Феодалдар м-н көз каранды калктын ортосундагы тапгык күрөш жүрт көтөрүп көтүүдөн, малды айдан кетүүдөн ж-а түздөн түз кагылышуулардан көрүнгөн. Феодалдык мамилелердин андан ары өнүгүшү м-н букаралардын көз карандылыгы ж-а аларды эзүү күчөгөн.

15-к-дын 2-жарымында Кыргызстандын аймагында кыргыз урууларынын бириккүүсү күчөгөн. Ошол убакта салт б-ча О. Азияда хандык такка Чыңгызхандын тукумунан чыккан адам гана отура алган. Ошондуктан кыргыз мамл. бирикмесинин ханы болуп моголстандык Юнус хандын (1462—87) уулу Ахмед хан (1484—1504) көтөрүлгөн. Кыргыз мамл. бирикмесинин негизин сол ж-а оң канаттын кыргыздары м-н ичкиликтер түзгөн. Кыргыз мамл. бирикмеси калмак, өзбек, моголдордун кол салуусуна нйгиликтүү каршылык көрсөтүп, олуттуу күч алган. Тарыхчы Мырза Хайдар (1499—1551) Ахмед хан ж-до мындай деп жазган: «Ал Моголстанда бийликти катуу кармагандыктан Моголстандын чек арасына... калмактар да, өзбектер да жакындай алган эмес». Бирок мамл. бийлик борборлоштурулган эмес эле, бийликтин негизги функциялары — салык салууну, сот ж-а аскер иштерин феодал ак сөөктөрүнүн өкүлдөрү — бийлер жүргүзгөн. Иш жүзүндө кыргыз феодалдары бийлеген. Туруктуу аскери болгон эмес, бирок согуш убагында элдик кошуун түзүлүп, тынчтык мезгилде болсо өкүмдарлар кол алдыларында анча чоң эмес кошуунду карман турган. Аскерлерди уюштурууда монголдук улуг колдонулган. 16-к-да кыргыз феодалдарынын таасири Кашкар м-н Фергана тараган. Ошол кезде моголдордун мамлекети азыркы Кыргызстандын түштүгүрөөк жагынан орун алып, Чыгыш Түркстандын Фергана өрөөнүнө чейинки аймагын кучагына алган. М. Хайдар мындай деп жазган: «Султан-Халил атасы (Ахмед хан) өлгөндөн кийин Мансурдан Моголстанга (моголдук ак сөөктөр Кыргызстанды ушундайча атоону уланта беришкен) качкан. Ал ошол жерде Моголстандын жанайы арстандары деп аталган кыргыз элине кошулган. Алар аны падышалыкка көтөргөн (1508-жылга чейин бийлеген)». Могол ханы Мансур Кыргызстанды өзүнө баш ийдирүүгө аракет-

тенгендиктен Султан-Халил ага каршы согушкан. 1508-ж. Чарын д-нын боюнда болгон чоң салгылашта кыргыздар жеңилип, бир кыйла начарлаган. Бирок М. Хайдар белгилеп кеткендей, «1510-жылдан тартып кыргыздар Моголстанда бир да моголдун жашоосуна мүмкүндүк берген эмес». Кыргыздардын күчөшүнө Чыгыш Түркстанда так үчүн болгон күрөш ж-а О. Азиядагы феодалдык бытырандылык да ыңгайлуу шарт түзгөн.


Көчмөн чарбанын шартында Кыргызстандын согуштук-экон. ресурстары начар бойдон кала берген, бирок экономикасы м-н маданияты белгилүү бир деңгээлге жогорулаган. Бул жагынан алганда кыргыздардын өз алдынча мамлекети болуп келгени да оң таасир тийгизген. 16-к-дын биринчи чейрегинде Фергана аймагында молдо Сейф ад-дин Аксихенти «Манас» эпосунун эпизоддорун жазып алган. Ушул мезгилде кыргыз коомунда феодалдык мамилелер андан ары өнүккөн: бийлердин экон. кубаттуулугу ж-а саясий таасири жогорулап, карапайым малчыларды феодалдык эзүү, алардын феодалдарга көз карандылыгы өтө күчөгөн. Феодалдык мамилелер патриархалдык-уруулук мамилелердин көптөгөн калдыктары м-н чырмалышып өнүккөн.

Күч-кубаты өскөн кыргыз феодалдары бийликти Чыңгызхандын тукумдарына берүү салтынан баш тартып, өкүмдарлыкка өз ичинен чыккан Мухаммедди көтөрүп, аны эмир аташат. Ал Чыгыш Түркстандагы ич ара согуштарга катышып, Кыргызстандын ички ишине кийлигишкен могол хандарына каршы күрөшкөн. Султан-Халилдин бир тууганы Султан-Сеид Мухаммеддин аскердик колдоосуна таянып, 1514-ж. Кашкарды, Жаркентти, Хотанды, андан көп узабай бүтүндөй Чыгыш Түркстанды жеңип алат. М. Хайдар мындай деп жазган: «ал гана эмес, көпчүлүк болүгү таптакыр кудайга ишенбеген... кыргыздар өздөрүнүн тынымсыз басып кирип, чаап алуулары м-н Түркстандын, Шаштын (Ташкендин) ж-а Фергананын бардык мусулмандарынын үрөйүн учурган». Бирок көп өтпөй могол ханы Кыргызстанды, анын берекелүү жайыттарын басып алууга аракеттенип, өзүнүн мурунку союздаштары — кыргыздарга каршы согуш баштаган. 1517-ж. күзүндө Султан-Сеид хан (1514—33) Барскон суусунун Ысык-Көлгө куйган жеринде кыргыздарды жеңип, Мухаммед эмирди туткунга түшүрүп, Кашкарга алып кетсе да кыргыздарды баш ийдире алган эмес. Султан-Сеид хандын уулу Рашид башында турган могол аскерлеринин 1522—26-ж. Кыргызстанга жасаган жортуулу да натыйжасыз аяктаган. 1528-ж. эле өзбектин Убейд ханы перстерге каршы күрөшкө жардам сурап, кыргыз феодалдарына кайрылган. Ошол учурда могол ж-а өзбек кол салууларына каршы кыргыздар м-н казактардын аскер-саясий союзу түзүлүп, эки боордон ал кийинки кылымдарда да баскынчыларга каршы биргелешип күрөшкөн. 1524-ж. Мухаммед казак султаны Тахир менен союз түзгөн. Рашид казак-кыргыз аскерлерине туруштук бере албай 1526-ж. могол аскерлери м-н Кыргызстандан качууга аргасыз болгон. Рашид хандын такка отурушу (1533—65) м-н бирге могол феодалдарынын кыргыз жерине кол салуусу кайрадан башталган. Аларга кыргыз-казактардын басып кирүүлөрүнө каршы күрөшкөн Мавераннахрдагы өзбек хандыктары жардам берип турган. 1537-ж. Рашид хан чоң салгылашта кыргыз-казактарды талкалаганы м-н, бирок кийинчерээк алардан сокку жеп. ал салгылашта анын бөлүгү Абд-ал-Латиф курман болгон. Ал өзбек аскерлери м-н биригип, 1544-ж. Ысык-Көлдүн жээгинде кыргыз-казак аскер күчтөрүн кайрадан талкалаган. Ошентсе да Рашид хан Кыргызстанга өз бийлигин орното алган эмес. Тескерисинче, согуш аракеттери Чыгыш Түркстандагы Могол мамлекетинин аймагына оогон. 1558-ж. О. Азияда жүргөн англиялык саякатчы А. Женкинсон мындай деп жазган: «Ташкен менен согушуп жаткан эл казак... ал эми Кашкар менен салгылашкан эл кыргыз деп аталат. Алардын өкөө теңдеш... өтө кубаттуу элдер. Талааларда жашайт, шаарлары да, тамдары да жок, бирок алар аталып кеткен шаарларды дээрлик багындырып алышты». Ал 1562-ж. түзгөн «Москва мамлекетинин картасында» Kirges азыркы аймагы б-ча көрсөтүлгөн. 16-к-дын орто ченинен тартып 17—18-к-да согуш аракеттери көбүрөөк жүрүп турган Чыгыш Түркстанда, о. эле Ферганада, Памир, Каратегин ж. б. түш. аймактарда кыргыз феодалдарынын саясий ж-а согуштук активдүүлүгү күчөгөн. Бул ж-дө жазышкан Махмуд Чурас, Апоним Кашгари, Махмуд ибн Вали, Мир Халь ад-дин, Мухаммед-Садык Кашгари ж. б. кыргыздар 16—18-к-да айтылган аймактарда туруктуу жашагандыгын белгилешкен. Мис., Хафиз-и Таныш 1575-ж. «Каратегин тараптан чыккан кыргыз аскерлери... Гиссарды басып кирип, Денауга чейин жетишкен... Алар ошол эле келген жолу менен кайра (Каратегинге) кетишкен» — деп жазган. Түндүк жакта кыргыз жайыттары Или суусуна чейин жетип, казактардыкы м-н чектешкен. 16—18-к-да Кыргызстандын коңшу мамлекеттер м-н өз ара мамилелери согуш м-н гана чектелбестен, даректорго караганда алар м-н элчилик ж-а соода байланыштары, достук мамилелери да болгон.

16-к-дын 2-жарымынан отурукташкан дыйканчылык аймактарга коңшу турган кыргыз жерлеринде ислам дини кеңири тарай баштаган; даректорго караганда ошол мезгилге чейин ислам дининен кыргыз элинин бир аз бөлүгү гана туткан. Даректор б-ча суфи шейхи Хожо Исхак (1599-ж. өлгөн) «кыргыз-калмак аймактарына барып, 18 бутканы талкалап, 180 миң капыр менен бутпарастарды мусулман кылган». Мухаммед-Садык Кашгари 16-к-дын аягында кыргыздын кыпчак ж-а кушчу топторунун башчылары Чыгыш Түркстанда мусулман аскерлерин баштап, калмак хандарынын чабуулдарынын мизин кайтарып турушканын билдирет.

Кыргыз феодалдары О. Азия м-н Чыгыш Түркстандын шаарларынын базарларында жылкы, кой м-н соода жүргүзүп, көпөстөр болсо алар жайлаган жерлерге келип турушкан. 17—18-к-да бул байланыштар кеңейген. Кыргызстан Чыгыш Түркстандын, о. эле О. Азиянын коомдук-саясий турмушунда көрүнүктүү роль ойногон. Бул региондо борб. бийликтин начарлашы ж-а феодалдык бытырандылыктын күчөшү Кашкар, Ак-Суу, Үч-Турпан, Жаркент ж. б. аймактарда кыргыз феодалдарынын активдешүүсүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Алар казак султандары м-н союздашып, Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги отурукташкан дыйканчылык райондорунда өз бийлигин орнотуу үчүн Бухара ханды-гына каршы (өзгөчө Имам-Кули башкарып турган убакта, 1611—42) күрөшкө жигердүү катышкан. Кыргызстандын тарыхы б-ча баалуу маалыматтары бар орус даректери (17-к-дан тартып) 1643-ж. жазында калмак ханы Батур хантайшинин Кыргызстанга жасаган жортуулу (Түркстан шаарындагы казак султандарына каршы согуштун жүрүшүндө) ж-дө кабарлайт: анын 50 миң аскери Кыргызстандын Казакстанга конуна жаткан ж-а казактар тарабынан колдоого алынган эки уруусунун аймагын басып алган. Бирок калмак ханынын бийлиги көпкө созулган эмес. Казак султандарына каршы кийинки Очирту-Цецэн хан тарабынан 1652-ж. жасалган жортуулда калмактар бул аймакты кайрадан баш ийдиришкен. Батур хантайши өлгөндөн (1653) кийин калмактардын кыргыз аймактарындагы бийлиги жоюлган. 1683-ж. күзүндө калмак хандарынын Кыргызстанга каршы жаңы жортуулу башталып, ал Галдан-Бошокту хандын Анжиян шаарын басып алуусу (17-к-дын 80-жылдарынын 2-жарымына чейин) м-н аяктаган.

Орус архивинин документтеринде 17—18-к-дагы Түш. Сибирь кыргыздары ж-дө маалыматтар өтө көп. Бул кыргыздардын Ала-Тоо кыргыздары м-н өз ара мамилелери ж-догу маселе тарых илиминде алы чечиле элек. Орус даректеринде Ала-Тоо кыргыздары ж-дө айтылганда «Алатав кыргызадры» ж-а «Алатай кыргыздары» деген терминдер колдонулган: 17—18-к-да орус бийлик-



В. В. Верещагин. «Кыргыз көчү» (1869—70).

тери, элчилери, окумуштуулары Кыргызстандын тоолорун «Ала-Тоо» деп тарыхый аты м-н туура аташкан. Кыргыздын өз түшүнүгүндө да ушул термин «Карлуу тоолор» деген маанини түшүндүргөн. Бирок 19-к-дын 2-жарымынан европалык географтар тарабынан берилип, мурда О. Азия элдери колдонбогон ж-а аларга белгисиз болгон «Тянь Шань» деген туура эмес ат м-н атала баштаган.

1691-жылдан 1717-жылдарга чейинки мезгил Калмак (Жунгар, Ойрот) ханд ыгынын бошондошу, ошол эле учурда казак султандары м-н кыргыз феодалдарынын бириккен аскердик активдүүлүгү өсүп, согуштук жеңип алууларынын күчөшү м-н мүнөздөлөт. Алар 17-к-дын аягы — 18-к-дын башында Чыгыш Түркстанда өздөрүнүн саясий үстөмдүгүн орнотушкан. 1714-ж. калмактар: «Биз туш-тушубуздан душмандар менен курчалдык — бир жагыбызда Хасактар, экинчи жагыбызда Буруттар (кыргыздар), кароолго коюуга бардык жерде чоң-чоң отряддар керек болуп жатат, бул жылда эле ушундай» — деп зарданышкан. 1718-жылдан Калмак хандыгынын чабуулу башталып, 1723-жылдагы согушта казактардын Орто ж-а Улуу жүздүнүн көп бөлүгүн багындырып алган. 1723-ж. калмак ханы Цэван-Рабдан (1697—1727) Кыргызстанга кол салып, Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш жагын каратып алган. Орус дареги нде калмактарга Ысык-Көлдүн айланасын жердеген кыргыз феодалдары гана көз каранды болгон деп айтылат. Кийинки он жылдыкта калмактар Чүй ороонунун кээ бир жерлерине да тарай баштаган. 1723-жылкы кол салуу согушка айланган эмес, себеби Калмак хандыгына Кыргызстан м-н тынчтык мамиледе болуу пайдалуу эле. Кыргыз феодалдарынын бир бөлүгү союздук мамилелерди орнотууну, ал турсун Цэван-Рабданга, андан кийин Галдан-Цэрэнге (1727—45) белгилүү даражада көз каранды болууну пайдалуу деп эсептеген. Анткени бул тынчтыкты сактап туруунун камсыз кылган.

Ошол кездин даректеринде кыргыздар ж-да: «Жунгарлар абдан күчтүү болуп турган убагында да аларды багындыра алган эмес» — деп жазылган. 1723—44-ж. кыргыз-калмак мамилелери жалпысынан тынчтык, кээ учурда союздук мүнөздө болгон, бирок Галдан-Цэрэн өлгөн соң мамилелер начарлап, 1744—45-ж. күч алган согуштук чыр-чатактар, 1747—49-ж. чоң согушка айланып, анда кыргыздарга казактар колдоо көрсөткөн. Даректерде мындай деп жазылган: «Мурда 1748-ж. калмактар кыргыз-кайсактарга согуш менен барышкан... ошол калмактар ач өлүмдөн өлүп жана кыргыздардан сокку жеп жатканын айтып, Ургага жардам сурап кайрылышкан». Орус даректеринде ушул согушта кыргыздарга каршы калмак ханы Цэван-Доржи (1746—49) 1747-ж. башында зайсан Доржи турган 10 миң адамды (өлгөнү 7 миң киши), 1748-ж. 30 миң киши, 1748—49-ж. кыш — жаз айларында зайсан Якба башында турган (чоюн замбиректер м-н) 20 миң кишини, 1749-ж. май — июлда хандын бир тууганы Лама-Доржи башында турган 30 миң адамды (7—10 миң киши өлгөн) жибергендиги тууралуу маалыматтар бар. 1747—49-ж. кыргыз-калмак согушу Цэван-Доржинин тактан түшүшүнө, калмактардын Кыргызстандагы бийлигинин жоюлушуна алып келген. Калмак хандары Лама-Доржи (1749—52) м-н Даваци (1753—55) кыргыздар м-н согуштун пайдасыздыгын түшүнүшүп, эч кандай согуштук чыр-чатактарга барышкан эмес. Ошол учурда кыргыздын кээ бир топтору калмак ханынын ставкасы турган Или д-нын боюнда жашап, калмактар м-н союздаш болушкан. Бирок алар кийинчерээк калмактарга каршы күрөшкөн кашкарлык Хожо-Юсуф тарабына өтүшүп, Кашкарияда өздөрүнүн саясий-согуштук үстөмдүгүн орнотушкан. Мухаммед-Садык Кашгариинин билдирүүсүндө: «Хожо-Юсуф калмактарга каршы согуш жүргүзүүнү сунуш кылып, Или дарыясынын боюнда жашаган кыпчак-кыргыздарга жашырын кат жиберген (1754). Ушул динсиз кыргыздардын башчысы Амырза деген болгон. Ал катты зор кубаныч менен кабыл алып, жооп кат жазып», жардам берүүгө убада кылган деп айтылат. Амурсандын убагында (1755—57) Калмак хандыгынын алсырап кулоо учурунда кыргыз феодалдары бул жакка талоончул жортуулдарды уюштурушкан.

18-к-дын 2-жарымында Кыргызстандын тышкы ж-а ички саясий абалында бир кыйла өзгөрүүлөр болуп өтөт. Биринчи кезекте кыргыз элинин этностук белгилери калыптанып, андан ары өнүгөт. Айрым топтордун аймактык жайгашуусу биротоло тактала т. Кыргызстан толук көз карандысыз болуп калат. Чыгыш Түркстанды цин кытайлары басып алып, кыргыз жерлерин багындырууга да аракет кылышкан, бирок башка элдер м-н биринкен кыргыздардан катуу сокку жеген. Мис., 1760-жылкы даректердин билдирүүсүндө циндик аскерлер Жаркентти басып алууда Ферганага «9 миң аскерин жиберген, бирок Буруттар (кыргыздар) Өзбектер м-н биригип, 7 миңин кырып таштаган» — деп айтылат. 1760-жылдан казактын Орто жүзүнүн феодалдары кыргыздар м-н көп кылымдар бою баскынчыларга каршы биргелешип күрөшүү салтын бузуп, Кыргызстанга кол сала баштаган. Аблай хан (1740-ж. эле Россиянын букаралыгына өткөн) Улуу жүздүн батыш бөлүгү м-н Орто жүздү бириктирип, 1770-ж. Чүй ж-а Талас аймагына басып кирет, бирок ал Кыргызстанга өз бийлигин орното алган эмес. 18-к-дын 2-жарымында Кокон хандыгы түзүлүп, Кыргызстанга коркунуч туулган. 18-к-дын акыркы чейрегинен Кыргызстан м-н Россиянын ортосунда элчилик байланыш түзүлгөн. 1785-ж. колдоо жардамын сурап элчилер Абдырахман м-н Шергазы Россияга барышкан. Россия империясы Кыргызстандын өтө күчтүү, экономикасы өнүккөн кошунасы болгон, ал Кыргызстанды Кытай м-н Кокондун коркунучунан коргомок ж-а бул жакка эбактан бери эле ө. ж. товарларын жеткирип турган болчу. Тышкы саясий кырдаалдын татаалдыгы, ички абалдын туруксуздугу ж-а соода кызыкчылыгы Кыргызстанды Россиядан баш маана издөөгө түрткөн.

М. Б. Жамгырчинов

КЫРГЫЗСТАНДЫН КОШУ ЭЛДЕР ЖАНА РОССИЯ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТАРЫ
(18-кылымдын 2-жарымы — 19-кылымдын 30-жылдары)

18-кылымда кыргыздардын бытыранды уруу-урук топтору Фергана ороонунун батышындагы Хожентten чыгышта Кашкар түздүгүнө чейин, түндүктө Чүй ж-а Талас сууларынын ортоңку агымынын алаптарынан түштүктө Памир-Алайга чейинки аймакта көчүп жүрүшкөн. Кыргызстанда өндүрүштүн феод. ыкмасы үстөмдүк кыла баштаган. Бирок кыргыздардын уруу-урук тук бытырандылыгы ж-а турмуш тиричилигине бекем сиңген патриархалдык-уруулук мамилелери коомдук өнүгүүгө боогот болуп, алардын бир мамлекетке

бириг үүсүнө тоскоолдук кылган. Мына ушунун баары коцшулаш мамлекеттердин — адегенде Жунгар хандыгынын, кийин Цин империясы м-н Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алууга ыңгайлуу объект катары эсептоолорунө алып келген. 18-к-дын башында Бухара хандыгынан Фергана ороонундогу бир катар майда бектиктер өзүнчө болуно баштаган. Алардын бири — Кокон бектигинде өзбектердин миң уруусунан чыккан Шахрух бий (1709/10 — 1721/22) кожолордон бийликти тартып алып, акырындык м-н коцшу эзликтерди өзүнө каратып, тышкы саясатын активдештире баштаган. Ошол учурда, жазма даректерде эскертилгендей, кокондуктар м-н тең укуктуу, коз каранды эмес кыргыз феодалдары Ферганада активдүү саясий күч катары чыккан. 1734-ж. орус документинде: «Водохшан (Бадахшан) жерине коцшулаш жайгашып, оз ханы болгон кыргыздардын чакан провинциясы бар»,— деп белгиленген. П. И. Рычков 1749-ж. кол жазмасында Хожент, Наманган, Маргалац шаарларына жакын жерлерде, аскалуу тоолордо кочүп жүрүшкон «алатай кыргыздарын» өз алдынча эл деп атаган. «Тарихи Шахрохиде» Кокон окумдары Абд ал-Каримдин заманы (1734/? — 1750/51-жылдар) кокондуктардын кыргыз уруулары м-н союздашып, жунгарлардын Ферганага каршы жортуулдарынын биринин мизин кайтаруу мезгили катары белгиленген. Бул коргопуу озбектер м-н кыргыздардын ири саясий ийилиги болгон. Кийин, 18-к-дын 50-жылдарында кыргыз феодалы Кубат бий Кокон башкаруучусу Эрдананын тең укуктуу союздашы ж-а атаандашы болуп, Кашкарда ак тоолук ж-а кара тоолук кожолордун бийлик үчүн ич ара күрөшүнө ж-а Чыгыш Түркстанда феод.-теократиялык буфердик мамлекетти түзүүгө активдүү катышкан кыргыз феодалдарынын гана чыныгы күчү болгон (Мухаммед-Садык Кашгариинин «Тазкира-и-Ходжаган» чыгармасы кабарлайт). Кокон окумдарлары 18-к-дын 60-жылдарына чейин оз аймагын бириктирүү м-н алек болуп, кыргыз аймагына кол салган эмес.

Кыргыз, казак ж. б. элдердин коз карандысыздык үчүн тынымсыз күрөшүнөн, феод. ички ырк келишпестиктерден улам начарлаган Жунгар хандыгы 1758—59-ж. Цин Кытайынын соккусунан кулаган. Кытай Жунгария м-н Чыгыш Түркстандын аймагында озунун аскер форпостун — империялык Синьцзян (созмо-соз «Жаңы аймак») эзлигин түзгөн. Циндер уйгур, кыргыз, казак ж. б. жерг. элдерди улуттук эзүүгө дуушар кылып, ырайымсыз салык салышкан. Маньжур-цин бийлиги оз экспансиялык доматтарын кыргыздар жашаган аймакка да жайылтууга аракеттенишкен, бирок алардын чечкиндүү каршылыгына дуушар болгон.

Кытай отряддары эч качан Цин администрациясынын пункттары болбогон Ысык-Кол м-н Тянь-Шанга кирүүгө аракет жасашкан. Бирок жерг. кыргыз калкы аларга катуу сокку урган. Кытайдын оз даректери Кыргызстанды империя м-н «чектеш» гана «коцшу эзлик» деп эсептеген («Пинчжунь» — «Жунгарларды тынчытуу баяны», 1772). Маньжур-цин ордосу күч колдонуудан пайда таппаган соң кыргыз феодалдары м-н дипломатиялык мамиле түзүп, алардын элчилигин Пекинде кабыл алат, аныкере согушчул аскер башчыларынын баскынчыл сунуштарына каршы чыгат. Синьцзяндын наместниги Юй Линь Коконго жүрүшкө чыгууга камынганда «Бул план (Коконго жүрүш) эчактан бери (самап жүробуз) дилибизде. Сен (Юй Линь) айткандай кылсак (биз) дал жүрөккө сокку урабыз. Бирок айтканга оцой, иштешке кыйын... Байкап көрчү, аскердик керектоолорго канча каражат керек. Чек арадан ары ар бир кадам ботоп жер, бөтөн эл...»,— деп, император Мин-нин эскерткен. Бул кытай императорунун созу — кыргыздардын аймактык коз карандысыздыгын документ жүзүндө мойнуна алышынын эң эле маанилүүсү. Ошол эле учурда тарыхый фактылар Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда кыргыздардын коръпуктүү ролу ж-да, жерг. элдердин маньжур-цин эзүүсүнө каршы улуттук-боштондук күрөшүн алардын колдоосу ж-да айгинелеп көрсөтөт.

18-к-дын 60-жылдарынан Кокон окумдары Эрдана (1751—70) озу күч алган сайын кыргыз элинин ич ара чыр-чатактарынан ж-а уруулук бытырандылыгынан пайдаланып, кыргыз феодалдары м-н союздашуудан аларды зордон багындыруу саясатына ото баштаган. Кокондуктар 1762-ж. Ошту басып алып, Озгондун тегерегиндеги кыргыз жерлерин тыйпыл кылып, 18-к-дын аягында Ферганаын айланасындагы тоолуу райондорго оз таасирин жайылткан. 1821-ж. алар капилоттен Кетмен-Тобону басып алып, түп. кыргыз уруларына бийлик кылууга аракеттенишкен. Ушундай шартта 1785-ж. Чүй ороонундогу сарыбагыш уруусунун бийи Атаке С.-Петербургга колдоого алуу отүнүчү м-н элчилерди жөнөткөн. Бирок отүнүч капаattандырылган эмес. Ошентсе да кыргыздардын Россия м-н элчилик карым-катнашы башталып, ал 19-к-дын 1-чейрегинде андан ары кецейтилген.

19-к-дын башында Омор хан (1810-ж. чен — 1822) кыргыздардын эки уруусунун оз ара чатагынан пайдаланып, алардын бирин экинчисине тукуруу, амалкөйлүк ж-а күч колдонуу м-н Кыргызстанды каратууга киришкен. 1821-ж. Ош м-н Кашкар аралыгында кочүп-конуп жашаган сары багыштарды баш ийдирген. Кокон хандыгынын Кыргызстандын түш. бөлүгүн жецип алышы жарым кылымдан ашыграак убакка (1762—1821) созулуп, анда кыргыз эли айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн ж-а коз карандысыздык үчүн тынымсыз күрөшүнүн. Ошол эле убакта кокондук башкаруучулар озунүн жацы букаралары м-н эсептешүүгө да мажбур болушкан; алар аскер күчторунүн булагы ж-а дэярлик такай күжүрмөн даярдыкта турган кошуун болушкан; О. Азия м-н Чыгыш Түркстандын ортосундагы, андан ары Индия м-н байланыштырган туруктуу соода жолдорунда жайланышкан. Ошондуктан кыргыздар Коконго коз карандылыгына карабай, хандык-феод. эзүүгө каршы тез-тез көтөрүлүп турушкан. Кокондун чек араларынын түн. кыргыз көчмөндөрүн көздөй илгерилеши ысык-көлдүк кыргыздардын Батыш Сибирь орус администрациясы м-н кыска мөөнөткө туруктуу байланыш түзүүсүнө себеп болгон. 1813-ж. ж-а 1824-ж. кыргыз элчилери Омск м-н Тобольскиге барышып, «оздөрүнүн жана оз элинин атынан» Россия букаралыгына кабыл алууну отүнүшүп, сооданы кецейтүүнү «оозеки» жактан чыгышкан. Бирок Россиянын букаралыгына отүү тилеги жонүндогу ой ордунан чыккан эмес. Падышалык бийлик 1825-ж. жооп претинде Ысык-Колго Ф. К. Зибберштейн м-н Т. В. Нюхаловду элчиликке жиберип, букаралыкка алабыз деген убада м-н гана чектелген. Объективдүү жагдайлар Россияга 19-к-дын 1-чейрегинде ысык-колдук кыргыздарды оз букаралыгына кабыл алууга мүмкүндүк берген эмес. Ушул учурда Кокон хандыгы оз саясатын активдештирген. Чүй кыргыздарынын феод. уруучулук чыр-чатактарынан пайдаланган Мадалы хан (1822—42) оз аскерлерин Чүй суусунун ороонуно, кийин Борб. Тянь-Шанга ж-а Ысык-Колго жиберип, 19-к-дын 30-жылдарында андагы кыргыздарды багындырган.


Кокон аскерлери Кыргызстанды басып кирүү м-н ал жерлерге чептерди куруп, аскер күчторун калтырышкан. Памир-Алайда — Там-Коргон, Дароот-Коргон, Сопу-Коргон, Кызыл-Коргон; Тянь-Шанда — Жумгал, Куртка; Ысык-Колдо—Коцур-Өлөң, Барскон, Котмалды, Каракол, Чүй ороонунда — Кара-Балта, Ак-Суу, Пишпек, Токмок чептери курулган. Натыйжада кыргыздардын аймагы түштүктөн ж-а чыгыштан чептер м-н курчалып, алар хандыктын чек арасын бекемдоо м-н гана чектелбей, о. эле Цин агрессиясынын мүмкүн болуучу кайталанышына да богот болгон. «Кокондуктар,— деп жазган Ч. Валиханов 19-к-дын ортосунда,— тоолук кыргыздарды багынтып, Чыгыш Түркстандын чек арасын Хотандын дал озүнө чейин курчаган» (Валиханов Ч. Ч., Соч., т. 2, с. 326). Батыш Сибирь генерал-губернатору

Г. Ф. Гасфорд атаандаш мамлекеттер — Кокон хандыгы, Цин империясы ж-а Россия үчүн Кыргызстандын стратегиялык маанисин баалап: «Тоолук кечмен ордонун чектеш үч держава ортосундагы ыңгайлуу абалы, табигый шартынын мыктылыгы алардын башка кыргыз (казак) урууларына караганда кыйла жоокерлик руху, үч державанын ар бири үчүн бул ордону басып алуусунун маанисин ого бетер күчөткөн»,— деп толук негизде көрсөтүп жазган. Кыргыз элинин Цин агрессиясына каршы күрөшүнөн ж-а Россия дипломатиясынын пассивдүүлүгүнөн (кыргыздардын букаралыкка алуу өтүнүчүнө карабай) пайдаланган Кокон хандарынын басып алуучулук саясаты үстөмдүк кылып кеткен. Кыргызстандын бүткүл аймагы Кокон хандыгына убактылуу көз каранды болуп калган.

В. М. Плоских

КЫРГЫЗСТАН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН БИЙЛИГИ АСТЫНДА

19-к-дын 20—30-жылдарында Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышына саясий шылтоолор, о. эле аның Чыгыш Түркстан м-н Россиядагы соода кызыкчылыгынын күчөшү себеп болгон. Ал эми Чыгыш Түркстандын соода жолдору болсо Кыргызстан аркылуу өткөн. Ушундан улам Кокон хандыгынын башкаруучулары ал жолдорду өз көзөмөлүнө алууга ж-а ошону м-н бирге Кыргызстанды соода-сатык рыногуна, мал чарба сырьёсунун ж-а калктан ар түрдүү алык-салык, жыйымдарды чогултуунун булагына айландырууга умтулушкан. Хандыктын аймагында жерг. феодалдар м-н хан бийлиги тарабынан ырайымсыз эзилген өзбектер, тажиктер, кыпчактар, кыргыздар ж-а казактардын бир бөлүгү жашаган. Кокон хандыгынын бийлиги мезгилинде Кыргызстанда ислам дини кеңири тарай баштаган. Адегенде кыргыздар Кокон ханына негизинен салыктын үч түрүн: «түндүк зекет» (үй башына бир кой), «адал зекет» (40 бодого бир бодо), караж (жерден алынчу салык) төлөп турушкан. Андан тышкары мезгил-мезгили м-н аскер салыгын да — бир дилде (алтын тыйын) же үй башына үчтөн кой төлөшкөн. Кыргызстандын түштүгү м-н Талас өрөөнүндөгу



КЫРГЫЗСТАН ЖАНА КОҢШУЛАШ АЙМАКТАР (18-кылымдын 2-жарымынан 19-кылымдын 2-жарымына чейин)

70 0 70 140 км


— Кокон ханды гынын 1758-жылдагы болжолдуу чек арасы
1762 Кокон аскерлеринин каратып алуу жазаттары
1845 Кокон басмачыларына каршы күрөштүгүн очоктору
Кокон ханды гынын 18-кылымдын аягындагы болжолдуу чек арасы
Бухара ханды гынын 18-кылымдын аягындагы болжолдуу чек арасы
— к — Бухара ханды гынын бийлиги астындагы аймактар (1839-45 жж.).
— о — Кокон ханды гынын 1850-жылдагы болжолдуу чек арасы
о Ташкент Шаарлар жана кыштактар
Кокон чептери
Дараут-Коргон Кыргыз чыдоолору
Сыпаты Тоо-кен өткөөлдөрү,казуулар
Соода жолдору
Россия букаралыгына кабыл алууну өтүнүшкен кыргыз элчилери:
1785-1789-жж.Петербургга
1813-1874-жж. Омскиге.Тобольскиге
1847-ж.Омскиге.Тобольскиге




Улуттук кийимдер. 1. Аялдардын кийими. Талас области. 2. Тебетей. 3. Кундуз тебетей. 4. Калпак. 5. Аялдардын кийими. Ысык-Көл области. 6. Кемер. 7. Аялдардын кийими. Алай өрөөнү. 8. Кеп такыя. 9. Эркектердин кийими. Чүй, Талас өрөөндөрү, Нарын обл. 10. Өтүк. 11. Маасы. 12. Эркектердин кийими. Чүй, Талас өрөөндөрү, Нарын обл.




1




2



3



4




5


6




7



Боз үй. 1. Боз үй тигүү. **2.** Боз үйдүн сырткы көрүнүшү. **3.** Боз үйдүн эр жагы. **4.** Боз үйдүн төрү. **5.** Боз үйдүн эпчи жагы. **6—7.** Боз үйдүн ички көрүнүшү.



1




2



3

4




5





6




Кырг-н аймагынан табылган арх-ялык алтын буюмдар. 1. Бет кеп. 4—5-к. **2.** Сөйкө. 4—5-к. Шамшы, Чүй р-ну. **3.** Ылаачындын сүрөтү түшүрүлгөн сөйкө. Б. з. ч. 5—3-к. Сары-Жон, Токтогул р-ну. **4.** Шакектер. Б. з. ч. 4—5-к. Шамшы, Чүй р-ну. Алай. Кетмен-Төбө. **5.** Аялдын сүрөтү. Б. з. ч. 5—3-к. Жалпак-Таш, Токтогул р-ну. **6.** Жолборс. Ак-Чий, Токтогул р-ну. Б. з. ч. 5—3-к.









Архитектура эстеликтери. 1. Бурана мунарасы. Чүй өрөөнү. 2. Манастын күмбөзү. Талас өрөөнү. 3. Өзгөн архитектуралык комплекси. 4. Мечиттин жыгач оймолорунун бир бөлүгү. Пржевальск ш.

кыргыздардан ар бүлолордүн милдеттүү түрдө хан армиясына алынып турушу да эл башына түшкөн мүшкүл болгон. 19-к-дын 1-жарымында ж-а андан кийин да, бөтөнчө Хива м-н Бухарага каршы согуштардын мезгилинде, Кокон ханы Кудаяр ар жеткен аскерге жарактуу бардык кыргыздарды кошуунга чакырган.

Кокондук басып алуу Кыргызстандын эмгекчи массасын феод. оор эзүүгө ж-а жакырчылыкка дуушар кылган. Кыргыз эли Кокон хандарынын зулумдугуна каршы күрөшкө бир нече сапар көтөрүлүп чыгышкан. 1832-ж. нарындык, 1843-ж. ысык-көлдүк, 1845-ж. оштук кыргыздардын көтөрүлүшү чыккан, 1857-ж. олуя-аталык казактар м-н таластык кыргыздардын көтөрүлүшү болгон. 19-к-дын 40—60-жылдарында көтөрүлүштөргө Кокон окумдарларынын талоончул саясатынан бүлүнүп жакырланган мал м-н күн көргөн кара чарба ж-а орто чарба катардагы дыйкандар, о. эле кыргыздардын феодал билермандарынын кээ бир болүгү катышкан. 1873-ж. жазында Кыргызстандын түштүгүндө жаңагандар зомбулукка ж-а оор салыктарга чыдай алышпай, Кудаяр ханга каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Кокон ханы аны басуу үчүн адегенде өзүнүн аскер башчысы башында турган жазалоочу отрядды жиберген. Аскер башчысы көтөрүлүшчүлөргө кол салууга даабай, аларга хан м-н сүйлөшүү үчүн 40 өкүл жиберүүгө кеңеш берет. Бирок Кудаяр кыргыздар м-н кыпчактардын сүйлөшүүгө келген өкүлдөрүн жырткычтык м-н өлтүртүп, элдик көтөрүлүштүн ачык чыгышына түрткү болгон. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар 1873-ж. июлда Өзгөндү ж-а Кудаяр хандын жашырын казынасы сакталып турган Сүк тоосундагы бекем чындалган стратегиялык пунктту ээлешкен. Андан соң кыргыз ж-а кыпчак көтөрүлүшчүлөрү Үч-Коргонду, Ошту, Сузакты ж-а Булак-Башын ээлеп алышкан. Көтөрүлүшчүлөргө отурукташкан өзбектер да кошулуп, кокондук 3 миңдей сарбаз алар тарапка өтүшкөн.

1873-ж. күзүндө Түш. Кыргызстандын калкы Россия мамлекетинин букаралыгына өтүүнү, ошону м-н Кокон хандыгынын эзүүсүнөн кутулууну чечкен. 19-к-дын 50—60-жылдарында эле Россиянын составына ыктыярдуу кошулган түн. кыргыздардын орногу Түш. Кыргызстандын калкына зор таасир тийгизген. Бирок 1868-ж. Кокон хандыгы Россиянын вассалына айланган-дан кийин падышалык окмоттун окулдөрү көтөрүлүшкө ж-а түш. кыргыздардын Токмок уезддинин карамагына өтүүсүнө терс мамиле кылышкан. 1874-ж. 4-майда мундуз-илят уруусунун өкүлдөрү 2 миң түтүн кыргызды Россиянын букаралыгына кабыл алуу өтүнүчү м-н падышалык администрациянын окулдөрүнө кайрадан кайрылышкан. Бирок падышанын жерг. аскер бийликтери түш. кыргыздарды Россиянын букаралыгына алуудан дагы бат тарткан.

1875—76-жылдардагы элдик көтөрүлүштүн экинчи этабында Кудаяр хандын зулумдугуна каршы кыргыздар м-н өзбектер биргелешип чыгышкан. Кудаяр хандын ырайымсыз башаруусуна өзбек, кыргыз ж-а кыпчак эмгекчилери гана эмес, мүлктүү таптардын бир катар өкүлдөрү да нааразы болушкан. Кудаяр хандын салыктарды көбөйтүшүнө байланыштуу нааразылыктын бөтөнчө күчөгөнүн хандын жогорку чиновниктери да моюнга алышкан. Хандын жогорку аскер башчылары көтөрүлүштүн жаңы жогорулашын пайдалануу м-н Кудаяр ханды кулатып, анын уулу Анжияндын окумдары Насриддин бекти хан көтөрүүнү чечишкен. 1875-ж. 21-июлдан 22-июлга караган түнү хан аскерлеринин жарымы 4 миңдей жоо аскер Кокондон чыгып, көтөрүлүшчүлөргө кошулган. Өз аскерлеринин калгандарынан да кол жууган Кудаяр хан орус бийликтерин мааналап, Хожентке качкан. 1875-ж. 24-июлда дин кызматкерлери, мансаптуу төрөлөр Насриддин бекти хан көтөрүшкөн (жарыялашкан). 1875-ж. 4-августта Түркстандын генерал-губернатору Кауфман Насриддинге анын Кокон ханы экенин официалдуу түрдө тааныгандыгы ж-до кат жиберген, бирок 1875-ж. 9-октябрда Кокондо жаңы төңкөрүш болгон. Жаш хан Насриддин жүздөй таламдаштарын алып, көтөрүлүш чыгарган кыргыздар м-н өзбектерден качып, атасы сыяктуу эле, орус падышалыгынын мындагы бийлигин мааналап, Кокондон Хожентке келген. Көтөрүлүштүн негизги очокторун басуу үчүн падыша өкмөтү тарабынан жазалоочу экспедиция уюштурулуп, Нарын м-н Кара-Дарыянын аралыгына жиберилген. Экспедициялык жазалоочу отрядга М. Д. Скобелев командирлик кылып, көтөрүлүштү ырайымсыз баскан. Көтөрүлүш чыгарган кыргыздар жеңилип, ханды жактагандар Насриддиндин Коконго келишин отүнүп, ага өкүлдөр жиберишкен. Насриддин өкүлдөрдү кабыл алып, 1876-ж. 30-январда Коконго шаантоокот м-н кирип, анда хан деп таанылган м-н анын бийлиги хандыктын батыш бөлүгүндө гана калыбына келтирилген. Көтөрүлүшчүлөрдүн Болот хан баштаган аскерлери Маргалацды таштап, Кожо-Магыз мазарына, андан соң Үч-Коргон кыштагына чегинишкен. 1876-ж. 28-январга караган түнү падышалык аскерлер Үч-Коргонго чабуул коюп, аны ээлешкен. Болот хан он чакты жакын кишилери м-н Алай өрөөнүнө качкан. Бирок тез эле кармалып, падышалык бийликке өткөрүлүп берилген. Ал падышалык аскер сотунун чечими б-ча Маргалац шаарында дарга асылган.

Көтөрүлүштүн жеңилишине көтөрүлүшчүлөрдүн бытырандылыгы, начар уюмдашкандыгы ж-а курал-жарактын жетишсиздиги себеп болгон. Мына ошондуктан көтөрүлүшчүлөр падышанын мыкты кыралдаган регулярдуу аскерлерине каршы туруштук бере алган эмес. Бирок элдик жаңы көтөрүлүштөн чочулаган падышалык өкмөт Кокон хандыгын жоюу ж-до чечим кабыл алган. 1876-ж. 19-февралда Кокон хандыгын Россияга коштуу ж-а Фергана обл-н түзүү ж-до падышанын официалдуу указы чыккан. Кокон хандыгы кыргыз элинин социалдык-экон. абалын олуттуу өзгөртө алган эмес. Бирок чарбачылыктын өнүгүшүнө, агрардык мамилелерге ж-а эзүүнүн формаларына, о. эле турмуш-тиричиликке, маданиятка белгилүү бир даражада таасирин тийгизген.


1873—76-жылдарда кыргыз, өзбек ж-а О. Азиялык башка элдеринин Кокон хандарынын феод. эзүүсүнө ж-а зомбулугуна каршы көтөрүлүү хандыктын күчүн начарлатып, анын Россияга коштулушун тездеткен. Кокон хандыгынын Россияга коштулушу м-н Кыргызстандын түштүгү да Россиянын составына өткөн. Кокон хандыгына каршы биргелешкен күрөштө кыргыз ж-а өзбек элдеринин байланыштары бекемделген.

А. Хасанов

КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯНЫН СОСТАВЫНА ЫКТЫЯРДУУ КОШУЛУШУ

19-к-дын 1-жарымында Россиянын экономикасында крепостнойлук чарба ыдыран, капиталисттик мамилелер өнүккөн. Крепостнойлук укук жоюлуп, капиталисттик ири ө. ж-дын өсүшү м-н ага соода-сатык рыногунун ж-а сырьё булактары мурдагыга караганда көбүрөөк керек боло баштаган. О. Азия так ошондой рыноктор м-н булактардын бири болмок. Зарыл о. ж. товарларына муктаж болгон О. Азия элдерине да маанилүү экон. байланыштар пайдалуу эле. О. Азия падышалык Россияны колония аймагы катары да, мамлекеттик киреше-нин булагы катары да кызыктырган. Падышачылык О. Азияны Россияга кошуп алып, ал региондун эмгекчи калкын каалаганындай эксплуатациялоону ойлогон; орус дворяндары болсо ал жактан чарбак ж-а киреше-лүү кызмат алууга умтулушкан.

18-к-дын 2-жарымында эле Индиянын басымдуу бө-


Чуй
Или
Сыр
Туркестан
Сауран
ТАШКЕНТ
Чимкент
Сайрам
Сузак
Мерке
Аулие-Ата
Пишпек
Кара Балта
Токмак
Нарын
Кастек
Кетмень
ВЕРНЫЙ
ЫСЫК-КӨЛ
Каракол
Кызыл-Уюк
Тюп
Джаркент
Кульджа
Кашгар
Кокан
Наманган
Андижан
Маргелан
Ходжент
Ура-Тюбе
Ходжа-Ата
Ош
Эски-Ноокат
Ак-Сай
Ак-Суу чеби
Кара-Кол
Кок-Арал
Кок-Джар
Чон-Кемин
Чон-Кокуй
Кара-Балта
Аулие-Ата
Сузак
Сауран
Сайрам
Чимкент
Ташкент
Ходжент
Ура-Тюбе
Наманган
Андижан
Маргелан
Кокан
Скобелев
Ош
Эски-Ноокат
Ак-Сай
Ак-Суу чеби
Кара-Кол
Кок-Арал
Кок-Джар
Чон-Кемин
Чон-Кокуй
Кастек
Кетмень
Пишпек
Токмак
Нарын
Ысык-Көл
Каракол
Кызыл-Уюк
Тюп
Джаркент
Кульджа
Кашгар
Сыр-Дарья
Нарын
1852-1853
1853
1859
1860
1862-1863
1862
1863
1864
1871
1872
1873
1875
1876
1877
1878
1879
1880
1881
1882
1883
1884
1885
1886
1887
1888
1889
1890
1891
1892
1893
1894
1895
1896
1897
1898
1899
1900
1901
1902
1903
1904
1905
1906
1907
1908
1909
1910
1911
1912
1913
1914
1915
1916
1917
1918
1919
1920
1921
1922
1923
1924
1925
1926
1927
1928
1929
1930
1931
1932
1933
1934
1935
1936
1937
1938
1939
1940
1941
1942
1943
1944
1945
1946
1947
1948
1949
1950
1951
1952
1953
1954
1955
1956
1957
1958
1959
1960
1961
1962
1963
1964
1965
1966
1967
1968
1969
1970
1971
1972
1973
1974
1975
1976
1977
1978
1979
1980
1981
1982
1983
1984
1985
1986
1987
1988
1989
1990
1991
1992
1993
1994
1995
1996
1997
1998
1999
2000
2001
2002
2003
2004
2005
2006
2007
2008
2009
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
2019
2020
2021
2022
2023
2024
2025
2026
2027
2028
2029
2030
2031
2032
2033
2034
2035
2036
2037
2038
2039
2040
2041
2042
2043
2044
2045
2046
2047
2048
2049
2050
2051
2052
2053
2054
2055
2056
2057
2058
2059
2060
2061
2062
2063
2064
2065
2066
2067
2068
2069
2070
2071
2072
2073
2074
2075
2076
2077
2078
2079
2080
2081
2082
2083
2084
2085
2086
2087
2088
2089
2090
2091
2092
2093
2094
2095
2096
2097
2098
2099
2100
2101
2102
2103
2104
2105
2106
2107
2108
2109
2110
2111
2112
2113
2114
2115
2116
2117
2118
2119
2120
2121
2122
2123
2124
2125
2126
2127
2128
2129
2130
2131
2132
2133
2134
2135
2136
2137
2138
2139
2140
2141
2142
2143
2144
2145
2146
2147
2148
2149
2150
2151
2152
2153
2154
2155
2156
2157
2158
2159
2160
2161
2162
2163
2164
2165
2166
2167
2168
2169
2170
2171
2172
2173
2174
2175
2176
2177
2178
2179
2180
2181
2182
2183
2184
2185
2186
2187
2188
2189
2190
2191
2192
2193
2194
2195
2196
2197
2198
2199
2200
2201
2202
2203
2204
2205
2206
2207
2208
2209
2210
2211
2212
2213
2214
2215
2216
2217
2218
2219
2220
2221
2222
2223
2224
2225
2226
2227
2228
2229
2230
2231
2232
2233
2234
2235
2236
2237
2238
2239
2240
2241
2242
2243
2244
2245
2246
2247
2248
2249
2250
2251
2252
2253
2254
2255
2256
2257
2258
2259
2260
2261
2262
2263
2264
2265
2266
2267
2268
2269
2270
2271
2272
2273
2274
2275
2276
2277
2278
2279
2280
2281
2282
2283
2284
2285
2286
2287
2288
2289
2290
2291
2292
2293
2294
2295
2296
2297
2298
2299
2300
2301
2302
2303
2304
2305
2306
2307
2308
2309
2310
2311
2312
2313
2314
2315
2316
2317
2318
2319
2320
2321
2322
2323
2324
2325
2326
2327
2328
2329
2330
2331
2332
2333
2334
2335
2336
2337
2338
2339
2340
2341
2342
2343
2344
2345
2346
2347
2348
2349
2350
2351
2352
2353
2354
2355
2356
2357
2358
2359
2360
2361
2362
2363
2364
2365
2366
2367
2368
2369
2370
2371
2372
2373
2374
2375
2376
2377
2378
2379
2380
2381
2382
2383
2384
2385
2386
2387
2388
2389
2390
2391
2392
2393
2394
2395
2396
2397
2398
2399
2400
2401
2402
2403
2404
2405
2406
2407
2408
2409
2410
2411
2412
2413
2414
2415
2416
2417
2418
2419
2420
2421
2422
2423
2424
2425
2426
2427
2428
2429
2430
2431
2432
2433
2434
2435
2436
2437
2438
2439
2440
2441
2442
2443
2444
2445
2446
2447
2448
2449
2450
2451
2452
2453
2454
2455
2456
2457
2458
2459
2460
2461
2462
2463
2464
2465
2466
2467
2468
2469
2470
2471
2472
2473
2474
2475
2476
2477
2478
2479
2480
2481
2482
2483
2484
2485
2486
2487
2488
2489
2490
2491
2492
2493
2494
2495
2496
2497
2498
2499
2500
2501
2502
2503
2504
2505
2506
2507
2508
2509
2510
2511
2512
2513
2514
2515
2516
2517
2518
2519
2520
2521
2522
2523
2524
2525
2526
2527
2528
2529
2530
2531
2532
2533
2534
2535
2536
2537
2538
2539
2540
2541
2542
2543
2544
2545
2546
2547
2548
2549
2550
2551
2552
2553
2554
2555
2556
2557
2558
2559
2560
2561
2562
2563
2564
2565
2566
2567
2568
2569
2570
2571
2572
2573
2574
2575
2576
2577
2578
2579
2580
2581
2582
2583
2584
2585
2586
2587
2588
2589
2590
2591
2592
2593
2594
2595
2596
2597
2598
2599
2600
2601
2602
2603
2604
2605
2606
2607
2608
2609
2610
2611
2612
2613
2614
2615
2616
2617
2618
2619
2620
2621
2622
2623
2624
2625
2626
2627
2628
2629
2630
2631
2632
2633
2634
2635
2636
2637
2638
2639
2640
2641
2642
2643
2644
2645
2646
2647
2648
2649
2650
2651
2652
2653
2654
2655
2656
2657
2658
2659
2660
2661
2662
2663
2664
2665
2666
2667
2668
2669
2670
2671
2672
2673
2674
2675
2676
2677
2678
2679
2680
2681
2682
2683
2684
2685
2686
2687
2688
2689
2690
2691
2692
2693
2694
2695
2696
2697
2698
2699
2700
2701
2702
2703
2704
2705
2706
2707
2708
2709
2710
2711
2712
2713
2714
2715
2716
2717
2718
2719
2720
2721
2722
2723
2724
2725
2726
2727
2728
2729
2730
2731
2732
2733
2734
2735
2736
2737
2738
2739
2740
2741
2742
2743
2744
2745
2746
2747
2748
2749
2750
2751
2752
2753
2754
2755
2756
2757
2758
2759
2760
2761
2762
2763
2764
2765
2766
2767
2768
2769
2770
2771
2772
2773
2774
2775
2776
2777
2778
2779
2780
2781
2782
2783
2784
2785
2786
2787
2788
2789
2790
2791
2792
2793
2794
2795
2796
2797
2798
2799
2800
2801
2802
2803
2804
2805
2806
2807
2808
2809
2810
2811
2812
2813
2814
2815
2816
2817
2818
2819
2820
2821
2822
2823
2824
2825
2826
2827
2828
2829
2830
2831
2832
2833
2834
2835
2836
2837
2838
2839
2840
2841
2842
2843
2844
2845
2846
2847
2848
2849
2850
2851
2852
2853
2854
2855
2856
2857
2858
2859
2860
2861
2862
2863
2864
2865
2866
2867
2868
2869
2870
2871
2872
2873
2874
2875
2876
2877
2878
2879
2880
2881
2882
2883
2884
2885
2886
2887
2888
2889
2890
2891
2892
2893
2894
2895
2896
2897
2898
2899
2900
2901
2902
2903
2904
2905
2906
2907
2908
2909
2910
2911
2912
2913
2914
2915
2916
2917
2918
2919
2920
2921
2922
2923
2924
2925
2926
2927
2928
2929
2930
2931
2932
2933
2934
2935
2936
2937
2938
2939
2940
2941
2942
2943
2944
2945
2946
2947
2948
2949
2950
2951
2952
2953
2954
2955
2956
2957
2958
2959
2960
2961
2962
2963
2964
2965
2966
2967
2968
2969
2970
2971
2972
2973
2974
2975
2976
2977
2978
2979
2980
2981
2982
2983
2984
2985
2986
2987
2988
2989
2990
2991
2992
2993
2994
2995
2996
2997
2998
2999
3000
3001
3002
3003
3004
3005
3006
3007
3008
3009
3010
3011
3012
3013
3014
3015
3016
3017
3018
3019
3020
3021
3022
3023
3024
3025
3026
3027
3028
3029
3030
3031
3032
3033
3034
3035
3036
3037
3038
3039
3040
3041
3042
3043
3044
3045
3046
3047
3048
3049
3050
3051
3052
3053
3054
3055
3056
3057
3058
3059
3060
3061
3062
3063
3064
3065
3066
3067
3068
3069
3070
3071
3072
3073
3074
3075
3076
3077
3078
3079
3080
3081
3082
3083
3084
3085
3086
3087
3088
3089
3090
3091
3092
3093
3094
3095
3096
3097
3098
3099
3100
3101
3102
3103
3104
3105
3106
3107
3108
3109
3110
3111
3112
3113
3114
3115
3116
3117
3118
3119
3120
3121
3122
3123
3124
3125
3126
3127
3128
3129
3130
3131
3132
3133
3134
3135
3136
3137
3138
3139
3140
3141
3142
3143
3144
3145
3146
3147
3148
3149
3150
3151
3152
3153
3154
3155
3156
3157
3158
3159
3160
3161
3162
3163
3164
3165
3166
3167
3168
3169
3170
3171
3172
3173
3174
3175
3176
3177
3178
3179
3180
3181
3182
3183
3184
3185
3186
3187
3188
3189
3190
3191
3192
3193
3194
3195
3196
3197
3198
3199
3200
3201
3202
3203
3204
3205
3206
3207
3208
3209
3210
3211
3212
3213
3214
3215
3216
3217
3218
3219
3220
3221
3222
3223
3224
3225
3226
3227
3228
3229
3230
3231
3232
3233
3234
3235
3236
3237
3238
3239
3240
3241
3242
3243
3244
3245
3246
3247
3248
3249
3250
3251
3252
3253
3254
3255
3256
3257
3258
3259
3260
3261
3262
3263
3264
3265
3266
3267
3268
3269
3270
3271
3272
3273
3274
3275
3276
3277
3278
3279
3280
3281
3282
3283
3284
3285
3286
3287
3288
3289
3290
3291
3292
3293
3294
3295
3296
3297
3298
3299
3300
3301
3302
3303
3304
3305
3306
3307
3308
3309
3310
3311
3312
3313
3314
3315
3316
3317
3318
3319
3320
3321
3322
3323
3324
3325
3326
3327
3328
3329
3330
3331
3332
3333
3334
3335
3336
3337
3338
3339
3340
3341
3342
3343
3344
3345
3346
3347
3348
3349
3350
3351
3352
3353
3354
3355
3356
3357
3358
3359
3360
3361
3362
3363
3364
3365
3366
3367
3368
3369
3370
3371
3372
3373
3374
3375
3376
3377
3378
3379
3380
3381
3382
3383
3384
3385
3386
3387
3388
3389
3390
3391
3392
3393
3394
3395
3396
3397
3398
3399
3400
3401
3402
3403
3404
3405
3406
3407
3408
3409
3410
3411
3412
3413
3414
3415
3416
3417
3418
3419
3420
3421
3422
3423
3424
3425
3426
3427
3428
3429
3430
3431
3432
3433
3434
3435
3436
3437
3438
3439
3440
3441
3442
3443
3444
3445
3446
3447
3448
3449
3450
3451
3452
3453
3454
3455
3456
3457
3458
3459
3460
3461
3462
3463
3464
3465
3466
3467
3468
3469
3470
3471
3472
3473
3474
3475
3476
3477
3478
3479
3480
3481
3482
3483
3484
3485
3486
3487
3488
3489
3490
3491
3492
3493
3494
3495
3496
3497
3498
3499
3500
3501
3502
3503
3504
3505
3506
3507
3508
3509
3510
3511
3512
3513
3514
3515
3516
3517
3518
3519
3520
3521
3522
3523
3524
3525
3526
3527
3528
3529
3530
3531
3532
3533
3534
3535
3536
3537
3538
3539
3540
3541
3542
3543
3544
3545
3546
3547
3548
3549
3550
3551
3552
3553
3554
3555
3556
3557
3558
3559
3560
3561
3562
3563
3564
3565
3566
3567
3568
3569
3570
3571
3572
3573
3574
3575
3576
3577
3578
3579
3580
3581
3582
3583
3584
3585
3586
3587
3588
3589
3590
3591
3592
3593
3594
3595
3596
3597
3598
3599
3600
3601
3602
3603
3604
3605
3606
3607
3608
3609
3610
3611
3612
3613
3614
3615
3616
3617
3618
3619
3620
3621
3622
3623
3624
3625
3626
3627
3628
3629
3630
3631
3632
3633
3634
3635
3636
3637
3638
3639
3640
3641
3642
3643
3644
3645
3646
3647
3648
3649
3650
3651
3652
3653
3654
3655
3656
3657
3658
3659
3660
3661
3662
3663
3664
3665
3666
3667
3668
3669
3670
3671
3672
3673
3674
3675
3676
3677
3678
3679
3680
3681
3682
3683
3684
3685
3686
3687
3688
3689
3690
3691
3692
3693
3694
3695
3696
3697
3698
3699
3700
3701
3702
3703
3704
3705
3706
3707
3708
3709
3710
3711
3712
3713
3714
3715
3716
3717
3718
3719
3720
3721
3722
3723
3724
3725
3726
3727
3728
3729
3730
3731
3732
3733
3734
3735
3736
3737
3738
3739
3740
3741
3742
3743
3744
3745
3746
3747
3748
3749
3750
3751
3752
3753
3754
3755
3756
3757
3758
3759
3760
3761
3762
3763
3764
3765
3766
3767
3768
3769
3770
3771
3772
3773
3774
3775
3776
3777
3778
3779
3780
3781
3782
3783
3784
3785
3786
3787
3788
3789
3790
3791
3792
3793
3794
3795
3796
3797
3798
3799
3800
3801
3802
3803
3804
3805
3806
3807
3808
3809
3810
3811
3812
3813
3814
3815
3816
3817
3818
3819
3820
3821
3822
3823
3824
3825
3826
3827
3828
3829
3830
3831
3832
3833
3834
3835
3836
3837
3838
3839
3840
3841
3842
3843
3844
3845
3846
3847
3848
3849
3850
3851
3852
3853
3854
3855
3856
3857
3858
3859
3860
3861
3862
3863
3864
3865
3866
3867
3868
3869
3870
3871
3872
3873
3874
3875
3876
3877
3878
3879
3880
3881
3882
3883
3884
3885
3886
3887
3888
3889
3890
3891
3892
3893
3894
3895
3896
3897
3898
3899
3900
3901
3902
3903
3904
3905
3906
3907
3908
3909
3910
3911
3912
3913
3914
3915
3916
3917
3918
3919
3920
3921
3922
3923
3924
3925
3926
3927
3928
3929
3930
3931
3932
3933
3934
3935
3936
3937
3938
3939
3940
3941
3942
3943
3944
3945
3946
3947
3948
3949
3950
3951
3952
3953
3954
3955
3956
3957
3958
3959
3960
3961
3962
3963
3964
3965
3966
3967
3968
3969
3970
3971
3972
3973
3974
3975
3976
3977
3978
3979
3980
3981
3982
3983
3984
3985
3986
3987
3988
3989
3990
3991
3992
3993
3994
3995
3996
3997
3998
3999
4000
4001
4002
4003
4004
4005
4006
4007
4008
4009
4010
4011
4012
4013
4014
4015
4016
4017
4018
4019
4020
4021
4022
4023
4024
4025
4026
4027
4028
4029
4030
4031
4032
4033
4034
4035
4036
4037
4038
4039
4040
4041
4042
4043
4044
4045
4046
4047
4048
4049
4050
4051
4052
4053
4054
4055
4056
4057
4058
4059
4060
4061
4062
4063
4064
4065
4066
4067
4068
4069
4070
4071
4072
4073
4074
4075
4076
4077
4078
4079
4080
4081
4082
4083
4084
4085
4086
4087
4088
4089
4090
4091
4092
4093
4094
4095
4096
4097
4098
4099
4100
4101
4102
4103
4104
4105
4106
4107
4108
4109
4110
4111
4112
4113
4114
4115
4116
4117
4118
4119
4120
4121
4122
4123
4124
4125
4126
4127
4128
4129
4130
4131
4132
4133
4134
4135
4136
4137
4138
4139
4140
4141
4142
4143
4144
4145
4146
4147
4148
4149
4150
4151
4152
4153
4154
4155
4156
4157
4158
4159
4160
4161
4162
4163
4164
4165
4166
4167
4168
4169
4170
4171
4172
4173
4174
4175
4176
4177
4178
4179
4180
4181
4182
4183
4184
4185
4186
4187
4188
4189
4190
4191
4192
4193
4194
4195
4196
4197
4198
4199
4200
4201
4202
4203
4204
4205
4206
4207
4208
4209
4210
4211
4212
4213
4214
4215
4216
4217
4218
4219
4220
4221
4222
4223
4224
4225
4226
4227
4228
4229
4230
4231
4232
4233
4234
4235
4236
4237
4238
4239
4240
4241
4242
4243
4244
4245
4246
4247
4248
4249
4250
4251
4252
4253
4254
4255
4256
4257
4258
4259
4260
4261
4262
4263
4264
4265
4266
4267
4268
4269
4270
4271
4272
4273
4274
4275
4276
4277
4278
4279
4280
4281
4282
4283
4284
4285
4286
4287
4288
4289
4290
4291
4292
4293
4294
4295
4296
4297
4298
4299
4300
4301
4302
4303
4304
4305
4306
4307
4308
4309
4310
4311
4312
4313
4314
4315
4316
4317
4318
4319
4320
4321
4322
4323
4324
4325
4326
4327
4328
4329
4330
4331
4332
4333
4334
4335
4336
4337
4338
4339
4340
4341
4342
4343
4344
4345
4346
4347
4348
4349
4350
4351
4352
4353
4354
4355
4356
4357
4358
4359
4360
4361
4362
4363
4364
4365
4366
4367
4368
4369
4370
4371
4372
4373
4374
4375
4376
4377
4378
4379
4380
4381
4382
4383
4384
4385
4386
4387
4388
4389
4390
4391
4392
4393
4394
4395
4396
4397
4398
4399
4400
4401
4402
4403
4404
4405
4406
4407
4408
4409
4410
4411
4412
4413
4414
4415
4416
4417
4418
4419
4420
4421
4422
4423
4424
4425
4426
4427
4428
4429
4430
4431
4432
4433
4434
4435
4436
4437
4438
4439
4440
4441
4442
4443
4444
4445
4446
4447
4448
4449
4450
4451
4452
4453
4454
4455
4456
4457
4458
4459
4460
4461
4462
4463
4464
4465
4466
4467
4468
4469
4470
4471
4472
4473
4474
4475
4476
4477
4478
4479
4480
4481
4482
4483
4484
4485
4486
4487
4488
4489
4490
4491
4492
4493
4494
4495
4496
4497
4498
4499
4500
4501
4502
4503
4504
4505
4506
4507
4508
4509
4510
4511
4512
4513
4514
4515
4516
4517
4518
4519
4520
4521
4522
4523
4524
4525
4526
4527
4528
4529
4530
4531
4532
4533
4534
4535
4536
4537
4538
4539
4540
4541
4542
4543
4544
4545
4546
4547
4548
4549
4550
4551
4552
4553
4554
4555
4556
4557
4558
4559
4560
4561
4562
4563
4564
4565
4566
4567
4568
4569
4570
4571
4572
4573
4574
4575
4576
4577
4578
4579
4580
4581
4582
4583
4584
4585
4586
4587
4588
4589
4590
4591
4592
4593
4594
4595
4596
4597
4598
4599
4600
4601
4602
4603
4604
4605
4606
4607
4608
4609
4610
4611
4612
4613
4614
4615
4616
4617
4618
4619
4620
4621
4622
4623
4624
4625
4626
4627
4628
4629
4630
4631
4632
4633
4634
4635
4636
4637
4638
4639
4640
4641
4642
4643
4644
4645
4646
4647
4648
4649
4650
4651
4652
4653
4654
4655
4656
4657
4658
4659
4660
4661
4662
4663
4664
4665
4666
4667
4668
4669
4670
4671
4672
4673
4674
4675
4676
4677
4678
4679
4680
4681
4682
4683
4684
4685
4686
4687
4688
4689
4690
4691
4692
4693
4694
4695
4696
4697
4698
4699
4700
4701
4702
4703
4704
4705
4706
4707
4708
4709
4710
4711
4712
4713
4714
4715
4716
4717
4718
4719
4720
4721
4722
4723
4724
4725
4726
4727
4728
4729
4730
4731
4732
4733
4734
4735
4736
4737
4738
4739
4740
4741
4742
4743
4744
4745
4746
4747
4748
4749
4750
4751
4752
4753
4754
4755
4756
4757
4758
4759
4760
4761
4762
4763
4764
4765
4766
4767
4768
4769
4770
4771
4772
4773
4774
4775
4776
4777
4778
4779
4780
4781
4782
4783
4784
4785
4786
4787
4788
4789
4790
4791
4792
4793
4794
4795
4796
4797
4798
4799
4800
4801
4802
4803
4804
4805
4806
4807
4808
4809
4810
4811
4812
4813
4814
4815
4816
4817
4818
4819
4820
4821
4822
4823
4824
4825
4826
4827
4828
4829
4830
4831
4832
4833
4834
4835
4836
4837
4838
4839
4840
4841
4842
4843
4844
4845
4846
4847
4848
4849
4850
4851
4852
4853
4854
4855
4856
4857
4858
4859
4860
4861
4862
4863
4864
4865
4866
4867
4868
4869
4870
4871
4872
4873
4874
4875
4876
4877
4878
4879
4880
4881
4882
4883
4884
4885
4886
4887
4888
4889
4890
4891
4892
4893
4894
4895
4896
4897
4898
4899
4900
4901
4902
4903
4904
4905
4906
4907
4908
4909
4910
4911
4912
4913
4914
4915
4916
4917
4918
4919
4920
4921
4922
4923
4924
4925
4926
4927
4928
4929
4930
4931
4932
4933
4934
4935
4936
4937
4938
4939
4940
4941
4942
4943
4944
4945
4946
4947
4948
4949
4950
4951
4952
4953
4954
4955
4956
4957
4958
4959
4960
4961
4962
4963
4964
4965
4966
4967
4968
4969
4970
4971
4972
4973
4974
4975
4976
4977
4978
4979
4980
4981
4982
4983
4984
4985
4986
4987
4988
4989
4990
4991
4992
4993
4994
4995
4996
4997
4998
4999
5000
5001
5002
5003
5004
5005
5006
5007
5008
5009
5010
5011
5012
5013
5014
5015
5016
5017
5018
5019
5020
5021
5022
5023
5024
5025
5026
5027
5028
5029
5030
5031
5032
5033
5034
5035
5036
5037
5038
5039
5040
5041
5042
5043
5044
5045
5046
5047
5048
5049
5050
5051
5052
5053
5054
5055
5056
5057
5058
5059
5060
5061
5062
5063
5064
5065
5066
5067
5068
5069
5070
5071
5072
5073
5074
5075
5076
5077
5078
5079
5080
5081
5082
5083
5084
5085
5086
5087
5088
5089
5090
5091
5092
5093
5094
5095
5096
5097
5098
5099
5100
5101
5102
5103
5104
5105
5106
5107
5108
5109
5110
5111
5112
5113
5114
5115
5116
5117
5118
5119
5120
5121
5122
5123
5124
5125
5126
5127
5128
5129
5130
5131
5132
5133
5134
5135
5136
5137
5138
5139
5140
5141
5142
5143
5144
5145
5146
5147
5148
5149
5150
5151
5152
5153
5154
5155
5156
5157
5158
5159
5160
5161
5162
5163
5164
5165
5166
5167
5168
5169
5170
5171
5172
5173
5174
5175
5176
5177
5178
5179
5180
5181
5182
5183
5184
5185
5186
5187
5188
5189
5190
5191
5192
5193
5194
5195
5196
5197
5198
5199
5200
5201
5202
5203
5204
5205
5206
5207
5208
5209
5210
5211
5212
5213
5214
5215
5216
5217
5218
5219
5220
5221
5222
5223
5224
5225
5226
5227
5228
5229
5230
5231
5232
5233
5234
5235
5236
5237
5238
5239
5240
5241
5242
5243
5244
5245
5246
5247
5248
5249
5250
5251
5252
5253
5254
5255
5256
5257
5258
5259
5260
5261
5262
5263
5264
5265
5266
5267
5268
5269
5270
5271
5272
5273
5274
5275
5276
5277
5278
5279
5280
5281
5282
5283
5284
5285
5286
5287
5288
5289
5290
5291
5292
5293
5294
5295
5296
5297
5298
5299
5300
5301
5302
5303
5304
5305
5306
5307
5308
5309
5310
5311
5312
5313
5314
5315
5316
5317
5318
5319
5320
5321
5322
5323
5324
5325
5326
5327
5328
5329
5330
5331
5332
5333
5334
5335
5336
5337
5338
5339
5340
5341
5342
5343
5344
5345
5346
5347
5348
5349
5350
5351
5352
5353
5354
5355
5356
5357
5358
5359
5360
5361
5362
5363
5364
5365
5366
5367
5368
5369
5370
5371
5372
5373
5374
5375
5376
5377
5378
5379
5380
5381
5382
5383
5384
5385
5386
5387
5388
5389
5390
5391
5392
5393
5394
5395
5396
5397
5398
5399
5400
5401
5402
5403
5404
5405
5406
5407
5408
5409
5410
5411
5412
5413
5414
5415
5416
5417
5418
5419
5420
5421
5422
5423
5424
5425
5426
5427
5428
5429
5430
5431
5432
5433
5434
5435
5436
5437
5438
5439
5440
5441
5442
5443
5444
5445
5446
5447
5448
5449
5450
5451
5452
5453
5454
5455
5456
5457
5458
5459
5460
5461
5462
5463
5464
5465
5466
5467
5468
5469
5470
5471
5472
5473
5474
5475
5476
5477
5478
5479
5480
5481
5482
5483
5484
5485
5486
5487
5488
5489
5490
5491
5492
5493
5494
5495
5496
5497
5498
5499
5500
5501
5502
5503
5504
5505
5506
5507
5508
5509
5510
5511
5512
5513
5514
5515
5516
5517
5518
5519
5520
5521
5522
5523
5524
5525
5526
5527
5528
5529
5530
5531
5532
5533
5534
5535
5536
5537
5538
5539
5540
5541
5542
5543
5544
5545
5546
5547
5548
5549
5550
5551
5552
5553
5554
5555
5556
5557
5558
5559
5560
5561
5562
5563
5564
5565
5566
5567
5568
5569
5570
5571
5572
5573
5574
5575
5576
5577
5578
5579
5580
5581
5582
5583
5584
5585
5586
5587
5588
5589
5590
5591
5592
5593
5594
5595
5596
5597
5598
5599
5600
5601
5602
5603
5604
5605
5606
5607
5608
5609
5610
5611
5612
5613
5614
5615
5616
5617
5618
5619
5620
5621
5622
5623
5624
5625
5626
5627
5628
5629
5630
5631
5632
5633
5634
5635
5636
5637
5638
5639
5640
5641
5642
5643
5644
5645
5646
5647
5648
5649
5650
5651
5652
5653
5654
5655
5656
5657
5658
5659
5660
5661
5662
5663
5664
5665
5666
5667
5668
5669
5670
5671
5672
5673
5674
5675
5676
5677
5678
5679
5680
5681
5682
5683
5684
5685
5686
5687
5688
5689
5690
5691
5692
5693
5694
5695
5696
5697
5698
5699
5700
5701
5702
5703
5704
5705
5706
5707
5708
5709
5710
5711
5712
5713
5714
5715
5716
5717
5718
5719
5720
5721
5722
5723
5724
5725
5726
5727
5728
5729
5730
5731
5732
5733
5734
5735
5736
5737
5738
5739
5740
5741
5742
5743
5744
5745
5746
5747
5748
5749
5750
5751
5752
5753
5754
5755
5756
5757
5758
5759
5760
5761
5762
5763
5764
5765
5766
5767
5768
5769
5770
5771
5772
5773
5774
5775
5776
5777
5778
5779
5780
5781
5782
5783
5784
5785
5786
5787
5788
5789
5790
5791
5792
5793
5794
5795
5796
5797
5798
5799
5800
5801
5802
5803
5804
5805
5806
5807
5808
5809
5810
5811
5812
5813
5814
5815
5816
5817
5818
5819
5820
5821
5822
5823
5824
5825
5826
5827
5828
5829
5830
5831
5832
5833
5834
5835
5836
5837
5838
5839
5840
5841
5842
5843
5844
5845
5846
5847
5848
5849
5850
5851
5852
5853
5854
5855
5856
5857
5858
5859
5860
5861
5862
5863
5864
5865
5866
5867
5868
5869
5870
5871
5872
5873
5874
5875
5876
5877
5878
5879
5880
5881
5882
5883
5884
5885
5886
5887
5888
5889
5890
5891
5892
5893
5894
5895
5896
5897
5898
5899
5900
5901
5902
5903
5904
5905
5906
5907
5908
5909
5910
5911
5912
5913
5914
5915
5916
5917
5918
5919
5920
5921
5922
5923
5924
5925
5926
5927
5928
5929
5930
5931
5932
5933
5934
5935
5936
5937
5938
5939
5940
5941
5942
5943
5944
5945
5946
5947
5948
5949
5950
5951
5952
5953
5954
5955
5956
5957
5958
5959
5960
5961
5962
5963
5964
5965
5966
5967
5968
5969
5970
5971
5972
5973
5974
5975
5976
5977
5978
5979
5980
5981
5982
5983
5984
5985
5986
5987
5988
5989
5990
5991
5992
5993
5994
5995
5996
5997
5998
5999
6000
6001
6002
6003
6004
6005
6006
6007
6008
6009
6010
6011
6012
6013
6014
6015
6016
6017
6018
6019
6020
6021
6022
6023
6024
6025
6026
6027
6028
6029
6030
6031
6032
6033
6034
6035
6036
6037
6038
6039
6040
6041
6042
6043
6044
6045
6046
6047
6048
6049
6050
6051
6052
6053
6054
6055
6056
6057
6058
6059
6060
6061
6062
6063
6064
6065
6066
6067
6068
6069
6070
6071
6072
6073
6074
6075
6076
6077
6078
6079
6080
6081
6082
6083
6084
6085
6086
6087
6088
6089
6090
6091
6092
6093
6094
6095
6096
6097
6098
6099
6100
6101
6102
6103
6104
6105
6106
6107
6108
6109
6110
6111
6112
6113
6114
6115
6116
6117
6118
6119
6120
6121
6122
6123
6124
6125
6126
6127
6128
6129
6130
6131
6132
6133
6134
6135
6136
6137
6138
6139
6140
6141
6142
6143
6144
6145
6146
6147
6148
6149
6150
6151
6152
6153
6154
6155
6156
6157
6158
6159
6160
6161
6162
6163
6164
6165
6166
6167
6168
6169
6170
6171
6172
6173
6174
6175
6176
6177
6178
6179
6180
6181
6182
6183
6184
6185
6186
6187
6188
6189
6190
6191
6192
6193
6194
6195
6196
6197
6198
6199
6200
6201
6202
6203
6204
6205
6206
6207
6208
6209
6210
6211
6212
6213
6214
6215
6216
6217
6218
6219
6220
6221
6222
6223
6224
6225
6226
6227
6228
6229
6230
6231
6232
6233
6234
6235
6236
6237
6238
6239
6240
6241
6242
6243
6244
6245
6246
6247
6248
6249
6250
6251
6252
6253
6254
6255
6256
6257
6258
6259
6260
6261
6262
6263
6264
6265
6266
6267
6268
6269
6270
6271
6272
6273
6274
6275
6276
6277
6278
6279
6280
6281
6282
6283
6284
6285
6286
6287
6288
6289
6290
6291
6292
6293
6294
6295
6296
6297
6298
6299
6300
6301
6302
6303
6304
6305
6306
6307
6308
6309
6310
6311
6312
6313
6314
6315
6316
6317
6318
6319
6320
6321
6322
6323
6324
6325
6326
6327
6328
6329
6330
6331
6332
6333
6334
6335
6336
6337
6338
6339
6340
6341
6342
6343
6344
6345
6346
6347
6348
6349
6350
6351
6352
6353
6354
6355
6356
6357
6358
6359
6360
6361
6362
6363
6364
6365
6366
6367
6368
6369
6370
6371
6372
6373
6374
6375
6376
6377
6378
6379
6380
6381
6382
6383
6384
6385
6386
6387
6388
6389
6390
6391
6392
6393
6394
6395
6396
6397
6398
6399
6400
6401
6402
6403
6404
6405
6406
6407
6408
6409
6410
6411
6412
6413
6414
6415
6416
6417
6418
6419
6420
6421
6422
6423
6424
6425
6426
6427
6428
6429
6430
6431
6432
6433
6434
6435
6436
6437
6438
6439
6440
6441
6442
6443
6444
6445
6446
6447
6448
6449
6450
6451
6452
6453
6454
6455
6456
6457
6458
6459
6460
6461
6462
6463
6464
6465
6466
6467
6468
6469
6470
6471
6472
6473
6474
6475
6476
6477
6478
6479
6480
6481
6482
6483
6484
6485
6486
6487
6488
6489
6490
6491
6492
6493
6494
6495
6496
6497
6498
6499
6500
6501
6502
6503
6504
6505
6506
6507
6508
6509
6510
6511
6512
6513
6514
6515
6516
6517
6518
6519
6520
6521
6522
6523
6524
6525
6526
6527
6528
6529
6530
6531
6532
6533
6534
6535
6536
6537
6538
6539
6540
6541
6542
6543
6544
6545
6546
6547
6548
6549
6550
6551
6552
6553
6554
6555
6556
6557
6558
6559
6560
6561
6562
6563
6564
6565
6566
6567
6568
6569
6570
6571
6572
6573
6574
6575
6576
6577
6578
6579
6580
6581
6582
6583
6584
6585
6586
6587
6588
6589
6590
6591
6592
6593
6594
6595
6596
6597
6598
6599
6600
6601
6602
6603
6604
6605
6606
6607
6608
6609
6610
6611
6612
6613
6614
6615
6616
6617
6618
6619
6620
6621
6622
6623
6624
6625
6626
6627
6628
6629
6630
6631
6632
6633
6634
6635
6636
6637
6638
6639
6640
6641
6642
6643
6644
6645
6646
6647
6648
6649
6650
6651
6652
6653
6654
6655
6656
6657
6658
6659
6660
6661
6662
6663
6664
6665
6666
6667
6668
6669
6670
6671
6672
6673
6674
6675
6676
6677
6678
6679
6680
6681
6682
6683
6684
6685
6686
6687
6688
6689
6690
6691
6692
6693
6694
6695
6696
6697
6698
6699
6700
6701
6702
6703
6704
6705
6706
6707
6708
6709
6710
6711
6712
6713
6714
6715
6716
6717
6718
6719
6720
6721
6722
6723
6724
6725
6726
6727
6728
6729
6730
6731
6732
6733
6734
6735
6736
6737
6738
6739
6740
6741
6742
6743
6744
6745
6746
6747
6748
6749
6750
6751
6752
6753
6754
6755
6756
6757
6758
6759
6760
6761
6762
6763
6764
6765
6766
6767
6768
6769
6770
6771
6772
6773
6774
6775
6776
6777
6778
6779
6780
6781
6782
6783
6784
6785
6786
6787
6788
6789
6790
6791
6792
6793
6794
6795
6796
6797
6798
6799
6800
6801
6802
6803
6804
6805
6806
6807
6808
6809
6810
6811
6812
6813
6814
6815
6816
6817
6818
6819
6820
6821
6822
6823
6824
6825
6826
6827
6828
6829
6830
6831
6832
6833
6834
6835
6836
6837
6838
6839
6840
6841
6842
6843
6844
6845
6846
6847
6848
6849
6850
6851
6852
6853
6854
6855
6856
6857
6858
6859
6860
6861
6862
6863
6864
6865
6866
6867
6868
6869
6870
6871
6872
6873
6874
6875
6876
6877
6878
6879
6880
6881
6882
6883
6884
6885
6886
6887
6888
6889
6890
6891
6892
6893
6894
6895
6896
6897
6898
6899
6900
6901
6902
6903
6904
6905
6906
6907
6908
6909
6910
6911
6912
6913
6914
6915
6916
6917
6918
6919
6920
6921
6922
6923
6924
6925
6926
6927
6928
6929
6930
6931
6932
6933
6934
6935
6936
6937
6938
6939
6940
6941
6942
6943
6944
6945
6946
6947
6948
6949
6950
6951
6952
6953
6954
6955
6956
6957
6958
6959
6960
6961
6962
6963
6964
6965
6966
6967
6968
6969
6970
6971
6972
6973
6974
6975
6976
6977
6978
6979
6980
6

кокондук башкаруучуларга көз каранды болушкан. Россияга кошулуу аларга эмгекчилерди озулору билгендей эксплуатациялоого мумкундук берүүчудой керүнген.

Түш. кыргыздардын орус букаралыгын кабыл алууга умтулуусунун негизги себептеринин бири — түн. кыргыздарга кайрадан бириктүү. каалагандыгы болгон. Россиянын составына мурдараак кирген Түн. Кыргызстан Түштүкко салыштырганда дурусураак шарттарда болгон. Орус букаралыгын кабыл алган түн. кыргыздар Кокон оқумдарларынын зомбулуктарынан (законсуз салыктарды жыйноо, кыйноо-кыстоо, олүм жазасына тартуу, кыздарды хан гаремдерине зордон алып кетүү) кутулушкан. Кыргызстандын түндүгүндө ич ара феод.-уруучулук чыр-чатактар, уруштар токтон, жерг. калк тынчтык шарттарда чарбачылык жүргүзүүгө мүмкүндүк алган. Түш. кыргыздардын Россиянын букаралыгына отүүгө умтулуусунда калктын экон. кызыкчылыгы да-кыйла ролду ойногон. Түш. Кыргызстандын калкы үчүн Россия м-н соода-чарбачылык байланыштарды түзүү ири алардын турмуштук зарылчылыгына айланган. 1864-ж. июлдун аягында Чаткалда, атап айтканда, Кара-Буура ж-а Кара-Кыштак капчыгайларында жашаган кыргыздар «оздорун ак падышанын букаралыгына кабыл алуу отүнүчү менен» орустун чалгындоочу отрядынын начальниги подполковник Лерхеге кайрылышкан. Бирок Лерхе мындай маселелерди чечүүгө укугу болбогондуктан, алар оз окуядору Кадыралы, Берди ж-а Сатыбалдыны ушундай эле отүнүч м-н Олуя-Ата уезддик начальнигине жиберткен. 1872—73-ж. Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын кобу орустардын колдоосун сурап бир нече жолу отүнүшкөн. 1873—76-ж. кокондук эзүүгө каршы которулуштор болуп. откон. Бул мезгилде түш. кыргыздар Россиянын бийлигине отүү максатында кайрадан бир катар аракеттерди жасашкан. 1873-ж. жазында которулуштун башталышында которулушчулор Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткаруучу Г. А. Колпаковскийге жардам сурап кайрылышкан.

Которулушчулордун орус бийликтерине кайрылуусу ж-а 2 500 түтүн которулушчулордун орус мамлекетинин чек арасына кочүп келиши, 1873—76-ж. Кокон хандыгына каршы чыгуулар кыргыздардын Россияга кошулууга умтулуусунун күчөтү үчүн кыйла роль ойногондугун корсоткөн. Бирок падыша окмоту жаңы жерлерди каратып, колонияларын кецейтүүгө капчылык кызыкса да түш. кыргыздардын отүнүчүн канааттандырган эмес. Бул Россияда 19-к-дын 70-жылдарынын башында түзүлгөн ички ж-а тышкы абал м-н, баарынан мурда, элдик көтөрүлүштөрдөн чочулоо м-н байланышкан. Мындан Россиянын О. Азияда оз кызыкчылыгы үчүн жүргүзүп жаткан ин-араекеттери Түркстанды басып алууга умтулган Улуу Британиянын ачык кийлигишүүсүн пайда кылмак. Финансылык жактан ото каржалып, 60-жылдардагы дыйкандар которулуштарынон чочун калган падышалык Россия Англия м-н мамилелерин таатаалдаштыргысы келген эмес. 19-к-дын 60-жылдарынын 2-жарымында — 70-жылдарынын башында падышалык окмот жаңы жерлерди эзлоодон убактылуу баш тартып, өзүнүн бийлиги астындагы колонияларды оздөштүрүүнү максатка ылайыктуурак деп эсептөгөн, анткени Россиянын Казакстан ж-а О. Азиянын кыйла болугү, а. и. Түн. Кыргызстан ж. б. ээликтери орус о. ж-ын соода-сатык рынокторуна ж-а сырьёго болгон муктаждыгын негизинен канааттандыра алган. Мындан тышкары падышачылыктын бул тарапгагы аскер күчтөрү аз болгондуктан Кокон хандыгына каршы андан арыы курошто аларды пайдалануудан (келечекте англиялык аскерлердин кийлигишүүсүн эске алганда) нйгиликтүү натыйжа чыкмак эмес. Ошондуктан падышачылык формалдуу түрдө Кокон хандыгынын оз алдынчалыгын сактоо м-н ин жүзүндө аны Россиянын колонийсы кылууга умтулган. Ушул максат үчүн падышалык жеке бийлик Кокондун ханы Кудаярга ж-а аның чойросүндөгү феодалдарга таянган болучу.

Түш. Кыргызстандын Россия империясынын составына кошулушу 1873—76-жылдардагы которулушке, Кокон хандыгынын жоюлушуна ж-а анын Россияга «Фергана областы» деген ат м-н киришине тыгыз байланыштуу.

Түш. Кыргызстан Кокон хандыгынын болугү катары Россия империясынын составына кирген. Россияга кошулууга каршы чыгышкан Абдылдабектин, молдо Ашырдын, Кудаяр калпа, кыргыздар м-н өзбектердин ири феодалдарынын отрядгарын талкалангандан кийин Алай да Россия империясынын составына кошулган. 19-к-дын 70-жылдарынын ортосунда Россиянын тышкы саясий абалынын жакшырышы Кокон хандыгын ж-а ага баш ийген Түш. Кыргызстанды өзүнө кошуп алууга шарт түзгөн. Коомдун ж-а экон. онүгүүнүн бир кыйла жогорку баскычында турган Россиянын составына Кыргызстандын кошулуту падышачылыктын колониялык ырайымсыз саясатына карабастан, кыргыз элинин андан арыы тарыхый онүгүшүндө прогрессчил терең маанге ээ болгон.

В. Жамгырчинов, К. Усенбаев

КЫРГЫЗСТАНДА ПАТРИАРХАЛДЫК-ФЕОДАЛДЫК МАМИЛЕЛЕРДИН БУЗУЛУШУ ЖАНА КАПИТАЛИСТТИК МАМИЛЕЛЕРДИН ПАЙДА БОЛУШУ

Кыргызстан колония болуп турган мезгилде Россия империясынын эң артта калган улуттук чет-жакаларынын бири болгон. Бул аймакта админ.-соттук түзүлүштүн бүткүл системасы, падышачылыктын жер, алык-салык ж-а «агартуу» саясаты метрополия м-н колониялардагы үстомдук кылган таптардын мүдөөсүн көздогон. Мындагы эмгекчи эл массасы падышалык колонизаторлордун ж-а жерг. бай-манаптардын ото оор кош кабат эзүүсүнөн заңкы тарткан. Кыргыз эли саясий жактан укуксуз болуп, Түркстан крайынын 4 областынын ж-а көптөгөн уездеринин ортосунда аймагы бөлүнүп, ич ара байланышпаган бойдон кала берген; өзүнүн мамл. түзүлүшү ж-а улуттук жазуусу жок, дээрлик туташ сабатсыз болгон. Бирок ушулар м-н катар, 19-к-дын 2-жарымы — 20-к-дын башында кыргыз элинин экон., социалдык-саясий ж-а маданий турмушунда Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярду кошулушунун объективдүү-прогрессивдүү патыйжалары аздыр-көптүр көрүнө баштаган. Алардын эң негизгилеринин бири кыргыз эмгекчилеринин жалпы россиялык рев-ялык күймылга тартылышы болгон. Жеке бийликтин улуттук-колониялык орусташтыруу саясатына карабастан, орустун алдыңкы демокр. маданиятынын, илимпоздун ж-а агартуучулардын таасири оз үзүрүн берген. Реформадан кийинки мезгилде бир катар ички социалдык-экон. факторлордун таасири м-н онүгүүнүн капиталисттик жолунда өнүгө баштаган жалпы россиялык экономиканын орбитасына рев-ялга чейинки Кыргызстандын чарбасынын кошулушу анда үстомдук кылып келген патриархалдык-феод. мамилелердин бузулушуна ж-а капиталисттик мамилелердин пайда болушуна алып келген.

Кыргызстандын экономикасынын соода-о. ж. тармагында да, а. чарбасында да капиталисттик элементтердин пайда болушу — крайдын Россиянын составына кошулгандан кийин өндүргүч күчтөрүнүн бир аз өсүшүнө байланыштуу болгон. Буга 19-к-дын аягында Россиянын борб. губернияларынан, Украинадан, о. эле Урал м-н Батыш Сибирден кочүп келген дыйкандардын көбөйүүсү шарт түзгөн. Дыйкандар эки түрдүү жол м-н (бийликтен уруксат алып ж-а уруксатсыз эле оз бет алдынча) кочүп келишкен. Кыргыз айылдарында

патриархалдык-феод. мамилелер үстомдук кылып, келгиндердин кыпчактарында болсо креностнойлуктун саркындылары күчтүү болгон. Оңого карабастан кыргыз ж-а келгин дыйкандардын экон. турмушунда жаңы көрүнүштөр пайда боло баштаган. Айылдар м-н кыпчактарда тапгык жиктелүү күч алган. Ишлдөөлөр б-ча 1912—13-жылдарда Пишпек ж-а Пржевальск уездеринде бардык 59 920 түтүндүн 49%ин кедейлер, 45,5%ин орто чарбалуулар, 5,5%ин феод. бай чарбалар түзгөн. Жалпы малдын 11% кедейлерге, 55,5% орто чарбалууларга, 33,5% бай-манаптарга тиешелүү болгон. Айрым байлардын малы (кою, бодосу) 10 миң башка чейин жеткен.

Айылдар м-н кыпчактарда тапгык жиктелүү канчалык активдүү жүргөн сайын экомдук өндүрүм сферасынан калктын орто ж-а кедей катмарлары оңончолук ургаалдуу сүрүлүп чыгып, дыйкандардын жаңырт жакырлануусу күчөгөн, жер үчүн болгон күрөш улам айгышкан мүнөзгө өткөн. Кыргыз айылдарында жерди ижаралоо, жумушчу күчүн жалдоо сыяктуу экон. мамилелердин түрлөрү кецири таралган эмес. Базар м-н байланышкан айрым гана көжөюндар жерди ижарага берүү м-н бирге әреже катары жалданма эмгекти да пайдаланышкан. Жерди ижарага алуучулардын саны 2—3%тен ашкан эмес. Көжөюн капчалык бай болгон сайын жалдоонун, ижара үчүн өштетүүнүн, бекер кызматтын, сүткордуктун ар кандай түрлөрүн оңончолук амалдуулук м-н пайдаланган. Отурукташкандардай эле көчмөндөрдүн арасындагы кон малдуу байлар оңол эле убакта ири наделдерди да эзленткен. Жалдоо ж-а арендалык мамилелер эзүүчүлөр м-н эң кедей дыйкандардын кецири массасынын ортосундагы карама-каршылыктын күч алышынын негизги себептерине айланган.

Эмгекчи дыйкандардын айрыкча империализм мезгилинде массалык түрдө жерден айрылышы, жакырданышы падыша окмотунун жер маселесиндеги талоончулук колониялык саясатынын натыйжасы болгон. Анын айкын көрүнүштөрүнүн бири жакшы жайыттар м-н айдоо аянттарын жерг. калктан зордук м-н тартып алып, алардан чарбада кулактык-колониялык элементтерди пайдалануу үчүн «келгиндер фондусун» ж-а казыналык-оброктук статьяларды түзүү болгон.


Жогоруда аталган уездерде кыргыздардагыдай эле келгиндердин (Россиядан көчүрүлүп келгендер) негизги болугү эмгекчи масса болуп, алардын 51,9%ин кедей дыйкандар түзгөн. Жер ижарага эң оор шарттар м-н берилген. Муктаждыктын айынан дыйкандардын кецири массасы жерди бирегелиптин ишгетүүнүн ар кандай түрлөрүн колдонууга мажбур болушкан. Кыштактагылардын торттон бири (24,3%) оз чарбасынын эсебинен эмес жан бакканы м-н, көз жылдарда алар оцой эле тукулжуран калган. Анткени дыйкандар чарбасынын ийгилиги көбүнчө аба ырайына, түшүмгө, кредиттердин берилиш турушуна ж. б-га байланыштуу болгон. Кулак түтүндөрүнүн ар бири 18 тегеден ашык жер ээлеген. Алар кыштак чарбаларынын 23,8%ин түзгөн. Булардын ичинен кыштактык ири менчик ээлери (1%тен азыраагы) болүнүп чыгып, базарга сатуу үчүн май, быштак жасатып турган. Кулактар бай-манаптар м-н макулдашып, арзан жайыттарды ээлеп, жалданма эмгектен кецири пайдаланышкан. Кыргызстанда эмгекчи массаны эзүүнүн капиталимге чейинки ж-а капиталимдин алгачкы мезгилдериндеги формаларынын, о. эле калктын жаңырт жакырданууусунун күч алышында россиялык насия (ссуда) капиталы олуттуу маанге ээ болгон. Бул колониядагы дыйкандардын тапгык жиктелүү процесстин объективдүү түрдө тездеткен. Падыша окмоту кредиттер системасы аркылуу баарыдан мурда соодагерлерди, сүткорлорду, кыштактык ж-а шаардык буржуазияны колдоого алган. Банк кредитин пайдалануу түш. райондордо приленкен нахта чарбаларынын осүшүнө жардам берген. Сүткордук кредит болсо майда менчик чарбаларды бүлүнүүгө алып кел-



Оштогу иднн-аяк сатуу дүкөн. 20-к-дын башы.

ген. Крайда банк тармактарынын али начар экендигине байланыштуу майда олчомдогу кредиттерди берүүчү мекемелер олгочо өнүгүп, алар калктын бай тоболдорунун кызыкчылыгын канааттандырып турган. Кыргызстанда патриархалдык-феод. мамилелер ыдырап, капит. мамилелер түзүлө баштаганы дыйкандардын жикке бөлүнүшүнөн гана эмес, соода дыйканчылыгынын (а. ч. товардык ондүрүшүнүн) негизги түрлөрүнөн — дан, мал чарбачылыгынын, пахтачылыктын, бакчачылыктын, ары чарбачылыгынын пайда болуу процессинен да көрүнгөн. Крайда соодага байланышкан дыйканчылыктын өсүшү Россия аскердик-феод. ж-а монополиялык империализминин мүдөөсү үчүн жүргүзүлгөн. В. И. Ленин орус капитализминин колонияларын, анын ичинде О. Азияны да сапат келип, алар: «орус капитализмининын... терецинен гана эмес, оңону менен бирге кецейтип да эбегейсиз өлчөмдө өсүшүн камсыз кылды»,— деп көрсөткөн (Чыг., кырг. 1-бас., 4-т., 89-б.). Орус капитализми Кавказдай эле Түркстанды да «дүйнөлүк товар жүгүртүүгө тартты, анын жергиликтүү ботончолуктарын — эзелтен келе жаткан патриархалдык чектелгендигинин калдыгын — жойду да өзүнүн фабрикалары үчүн рынокун түздү» (Чыг., кырг. 1-бас., 3-т., 619-б.). Кыргызстандын колониялык абалы акырындан аны Борб. Россиянын о. ж. товарларын сатып көрүү рынокуна ж-а анын о. ж. үчүн арзан сырьё булагына айландырган. Бул крайдын бүткүл россиялык ж-а ал аркылуу дүйнөлүк эмгекти коомдук болуштүрүүгө катышуусуна комок берген. Эмгекти коомдук болуштүрүү Түркстан крайынын ичинде да жүргөн. Мында 19-к-дын акыркы чейрегинде пахтачылык, эгинчилик, эгинчилик-мал чарбачылык райондору түзүлө баштап, алар 20-к-дын башында бир кыйла татыраак болуңун бүткөн. Соода дыйканчылыгы өнүгүп, азык-түлүк ишгетиш чыгаруу о. ж-ларында капиталисттик тинтеги ишканалар пайда болгон. Соода мекемелери көбөйүп, жаңы кыпчактар м-н шаарлар өсүп, кара жолдор салына баштаган. Көчмөндөрдүн акырындан отурукташып, дыйкан-

Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги почта жолу. 20-к-дын башы.





Ысык-Көлдөгү алгачкы парустуу кеме. 20-к-дын башы.

чылыкка ургаалдуу отүүсү, калктын улуттук, социалдык составынын озгоруусу, жерг. ж-а келгин калктын бир болүгүнүн майда товардык кол оноручулук ондурүш ж. у. с. м-н кесип кыла башташы а. ч-сынын товардык ондурүшүнүн осүшүнө түрткү болгон. Булардын патыйжасында Кыргызстанда адистештирилген а. ч. райондору пайда болгон. 20-к-дын башында товар-акча мамилелеринин онугушу м-н Нойгут-Кыпчак, Найман, Багыш, Баястан, Ак-Буура ж-а Ноокат болуштарында (Түш. Кыргызстанда) рынокту негизги продуктусу катары атайын дан эгишкен. Ички рынокторду кеңейишине, о. эле кыргыздардын мал чарбачылыгы да чоң роль ойногон. Мис., 1906-ж. Пишпек ж-а Пржевальск уездеринде сатылган бардык малдын 91,6% кыргыздардын чарбасына тиешелүү болгон. Бул эки уезд б-ча жалпы алганда малдын товарлык болүгү 54,8%-ти түзгон. Эгерде 19-к-дын 2-жарымында Кыргызстандын түн. ж. б. райондорунун товардык рынокторунда тирүү малды сатуу негизги орунда турса, 20-к-дын башында сатууга тери, жүн сырьёлору көп түшө баштаган.


Айрым райондордо кыргыз дыйкандары өз муктаждыктары үчүн гана эмес, базарга сатуу үчүн да жашылча-жемиштерди, момо даректарды өстүрүп, бал аарыларын бага баштаган. Бирок соода дыйканчылыгынын бул түрлөрү орус, украин, өзбек, дунган калктарында көбүрөөк өнүккөн. Кыргызстандын түш. райондорунда а. ч-сынын өтө киреше лүү тармагы пахтачылык болгон. Товар-акча мамилелери Кыргызстандын бардык чарба тармагынын ичинен мал чарбасына көбүрөөк кирген. Мис., 1914-ж. мал чарба продукциясынын товар наркы анын жалпы дүң продукциясынын наркынын 44%-ин түзсө, дыйканчылыктын продукциясынын товардуулугунун наркы 31%-ти түзгон.

Кыргызстанда соода дыйканчылыгынын өнүгүшү анын түштүгүндө да, түндүгүндө да товар ондүрүүчү чарбалардын, райондордун арасында алмашуунун өсүшүн күчөткөн. Өшөнтсе да крайдын социалдык-экон. мамилелеринин артта калгандыгынан соода дыйканчылыгы кеңири өнүкпөгөн ж-а капиталисттик типтеги чарбага өтө алган эмес. Капиталисттик соода дыйканчылыгы айрым гана чарбаларда өнүккөн. Крайдын айыл чарбасы 1917-ж. негизинен майда товардык бойдон кала берген. Рев-я алдындагы жылдарда россиялык өө. ж. капиталынын Кыргызстандын экономикасына кириши күч алган. Бирок үстомдук кылуучу абалды соода-сүткордук капитал эмес, а. ч-сындагы майда товардык өндүрүш ээлерин аёсуз эзип турган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында кыргыздын малчы көчмөн, жарым көчмөн чарбаларының көпчүлүгүнүн негизги чарб. ж-а жеке керектоолору мурдагыдай эле үй өндүрүшү, кол оноручулук м-н камсыз кылынып турган. Рыноктун кысымы астында кыргыздардын мурдатан колаткан кол оноручулугу м-н үй өндүрүшүнүн буюмдары фабрика товарлары м-н болгон конкуренцияга туруштук бере албай баасы төмөндөгөн же чыгарылбай калган, булардын айрым түрлөрү а. ч-сынан улам алыстап, болүнүп, өз алдынча чарба тармагына айланган (керектоочүлөрдүн заказы б-ча буюм жасоо же рынок үчүн майда товардык ондүрүш). Ошондой болсо да бул чарбалардын натуралай ж-а жарым натуралай мүнөзүнө товар-акча мамилелери таасир тийгизбей койгон эмес.

19-к-дын 70-жылдарында крайдын жерг. калкы да акырындык м-н тартыла баштаган кол оноручулук ондүрүш Түн. Кыргызстандагы келгиндер кыштактарына ж-а шаарларда (Пишпек, Токмок, Пржевальск) жайылуусуна эсебинен кеңейген. Кол оноручулук м-н майда товардык ондүрүштүн Түш. Кыргызстанда ири борбору Ош ш. болуп, аны м-н айлана-тегеректеги айылдардын ж-а келгиндер кыштактарынын соода байланыштары түзүлгөн. Продукциялары шаар базарларына түшүп же даярдалган эле жерден сатылып турган кол оноручулук ж-а майда товардык ондүрүштөр 19-к-дын 80—90-жылдарында Кыргызстанда иштеп чыгаруу о. ж-нын жеке капиталисттик чакан ишканаларынын пайда болушунун башаты болгон. Булардын ээлери көбүнчө орус ж-а чыгыш көпестөрүнүн өкүлдөрү болушкан. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында а. ч. сырьёсун иштетүүчү аз сандагы, мурункуларга караганда ири цехдик ишканалар да пайда болот. Түш. Кыргызстандын тоо-кен о. ж-нда орус ж-а чет элдик акционердик капиталдын катышуусу м-н көмүр, нефть ж-а түстүү металл б-ча бир нече ири ондүрүш ишканалары да түзүлөт («Назаров жана К°», «А. М. Вербов жана К°» ериктештиктери; «Кызыл-Кыя», «Көк-Жаңгак», «Фергана нефть коому» ж. б. акционердик коомдор). 1913-ж. бир нече, ал түгүл бир-эки гана жалданма жумушчусу бар майда, жопокой ж-а арзан жабдылган о. ж. ишканаларынын ичинен фабрика-заводдук типтеги 32 ишкана айырмаланып турган. Булар Пишпек, Пржевальск, Ош ж. б. пункттардагы вальцовкалуу тегирмендер, а. ч. азыктарын кайра иштетүүчү заводдор ж-а жүн жуугучтар, о. эле Кыргызстандын түштүгүндөгү пахта тазалоочу айрым заводдор, көмүр, нефть кендери болгон. Бул ишканаларда ар түрдүү улуттагы 1 775 жумушчу иштеген.

Отуз жыл ичинде (1883—1913) Кыргызстанда о. ж. ишканаларынын жалпы саны 165тен 569га чейин көбөйгөндүгүнө карабастан, жалпысынан алганда о. ж-ныи өнүгүшү өтө артта калган. Ө. ж-дын тармактык жактан өнүгүшү колониялык мүнөздө болгон (а. ч. продуктуларды м-н сырьёсун кайрадан иштетүү, кен казып алуу). Тышкы капиталдын киришине байланыштуу пайда болгон жеке капиталисттик бир кыйла ири ишканалар майда товардык ж-а үй өндүрүшү м-н бир катарда Окт. рев-ясына чейин иштеп турган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында Кыргызстандын ички ж-а транзиттик тышкы соодасынын өнүгүшү да патриархалдык-феод. мамилелердин ыдырашына, капиталисттик элементтердин пайда болушуна көмөк болгон. Кыргыздардын чарбаларынын соода мамилелерине катышуусу, ярмаркалардын, базарлардын ж-а дайым соода жүрүүчү жайлардын пайда болуусу, сооданын жаңы борборлорунун түзүлүшү, о. эле О. Азиянын ж-а Казакстандын көчмөлаш райондору, өзгөчө Россия м-н Кыргызстандын соода байланыштарынын күч алуусу — мунун ачык далили. Буга айрыкча 19-к-дын аягынан жол катнаш (айрыкча кара жолдордун курула башташы), байланыш каражаттарынын бир аз өнүгүшү да түрткү болгон.

Империализм доорунда Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө темир жол курулуштары да таасир этип, бул колониялык чет-жакадагы эмгекчи массаны эксплуатациялоону күчөткөн. В. И. Ленин белгилегендей Закаспий темир жолу капитал үчүн О. Азияны «ачып» берген (Чыг., кырг. 1-бас., 5-т., 86-б.). Андан кийин Транссибирь темир жолу курулган. Шахта ээлери 1908—11-жылдарда эле көмүр кендеринен темир жол станцияларына: Кызыл-Кыядан Скобелев станциясына ж-а Сүлүктүдөн Драгомиров станциясына чейин кууш рельстүү темир жолдорду курушкан.



Сүлүктү бургулоосу. 20-к-дын башы.

Акционердик коомдордун каражатына жалпы пайдалануу үчүн курулуп жаткан темир жолдордун Кыргызстандын аймагы б-ча Фергана темир жолунун Гүрүнч-Мазар станциясынан Жалал-Абадга чейинки тармагы эки жылда курулуп бүткөн (1916-жылдын апрелинде); ал эми курула баштаган Жети-Суу темир жолу (анын Арыс станциясынан Пишпекке чейинки тармагынын бир болүгү) рев-яга чейин отюл бойдон бүтпөй калган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында О. Азиядагы темир жол курулушу Кыргызстандын соода-өнөр жайын бир кыйла жандандырган. Бирок жалпысынан алганда Кыргызстан дээрлик жолсуз чет-жака бойдон, ал эми транспорт болсо анын начар өнүккөн экономикасынын өтө «мажес» жагы катары 1917-жылга чейин кала берген.

19-к-дын аягы — 20-к-дын башында Кыргызстандын социалдык-экон. өнүгүүсүндөгү көрүнүктүү жылыштар ички рынокту байланыштар м-н гана эмес, о. эле жумушчу күчүнө муктаждыктын пайда болушу м-н да шартталган. 1917-ж. Кыргызстанда 30 миң жалданма жумушчу болгон. Алардын 20 миңден көбүрөөгүн кулактардын ж-а буржуазиялашкан байлардын чарбасындагы батрактар, 7 200дөйүн о. ж. ондүрүштөрүндөгү жумушчулар түзгөн [3 миңдейн цехдик ири о. ж-да (1 600—1 700 кыргыз жумушчусу м-н), ал эми 4 200 адам майда о. ж. ишканаларында иштеген]. Кыргыздын алгачкы жалданма жумушчуларынын, о. эле аз санда болсо да жерг. калктын соода-сүткордук катмарынын (кыргыздан чыккан ишкана ээлери бирин экилен гана саналган) келин чыгышы буржуазиялык коомдун мүнөздүү белгиси катары жаңы социалдык күчтөрдүн жаралышынын, кыргыз айылдарында патриархалдык-феод. мамилелердин бузулушунун ж-а капиталисттик мамилелердин пайда болушунун далили болуп саналган. Кыргызстанда капиталисттик мамилелердин пайда болушу ж-а өнүгүшү орус капитализминин падышачылыктын о. азиялык чет-жакаларына кеңири таралышынын, алардын жалпы россиялык ички рынокторго тартылуусунун натыйжасы болгон.

Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушу, анын жалпы россиялык ж-а аздан болсо да дүйнөлүк рынокко аралашуусу бул аймактын о. ж-нын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизген. Жаңы тармактар түзүлүп, ондүрүш продуктулары товар жүгүртүүгө кирип, капиталисттик ишканалар пайда болгон; ал эми 20-к-дын башында Кыргызстандын о. ж-на эл аралык финансылык капитал да кире баштаган. Бирок Улуу Октябрдын жеңишине чейин бул аймактын эл чарбасына ж-а социалдык мамилелерине жаңы, капиталисттик мамилелер эмес, ыдырай баштаса да эски, патриархалдык-феод. мамилелер үстөмдүк кылган.

А. А. Сапелкин, А. Б. Жаманкараев, В. Я. Галицкий

КЫРГЫЗСТАН 1905—07-ЖЫЛДАРДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯ МЕЗГИЛИНДЕ

Кыргызстандагы 1905—07-жылдардагы рев-ялык окуялар Россиядагы биринчи буржуазиялык-демокр. рев-ялын составдык болүгү болгон. 20-к-дын башында Кыргызстан Россия империясынын экон. жактан начар өнүккөн чет-жакасы бойдон кала берген. Айыл чарба сырьёсун иштетүү (Пишпек, Пржевальск, Токмоктогу май чыгаруучу, булгаары о. ж.), кустардык ж-а жарым кустардык жол м-н жүргүзүлүп, анда аз эле жумушчу (кээ бир ишканаларда 1—2деп гана адам) иштеген. Жаңыдан пайда болгон тоо-кен о. ж. ишканаларында — Кызыл-Кыя, Сүлүктү кенинде жумушчулар бир аз көбүрөөк болгон. Жумушчулар ырайымсыздык м-н эзилип, алар, өзгөчө кыргыз жумушчулары эмгек акыны анча-мынча гана алышкан. Эмгек акы толоонун мындай системасы олуттуу саясий маанеге ээ болуп, улуттук кайраштыруунун курчутууга түрткү берген.

Кыргыз дыйкандарынын абалы да оор болгон. Байманаптардын ээн баштыгы, падыша окмотүнүн келгиндерге (Россиядан көчүрүлүп келгендерге) жерг. дыйкандардын жерлерин зордон тартып берүү саясаты Кыргызстандын айылдык эмгекчилерин турмуштук зарыл персесинен — жерлеринен ажыраткан. 1905—07-жылдардагы рев-янын алдында Пишпек уездинде эле кыргыздардын айдалуучу 879 219 теше сугат жери, ал эми 1907-ж. Пржевальск уездинде Сүттүү-Булак, Жети-Өгүз участкаларын түзүү учурунда 33 580 теше жери тартылып алынган. Бул жерлерде алардын үй-жайлары, кыштоолору, жайыттары болгон. Ошентип кыргыз дыйкандарынын кыйла болүгү жакырданып, а. ч. батрактарына, жарым пролетариатка ж-а жумушчуга коштулган. Айыл-кыштактарда жатакчылар м-н жерсиз дыйкандар көбөйгөн. Алардын көпчүлүгү болор-болбос акы үчүн байлар м-н кулактарга жалданып иштөөгө, о. эле шаарларга, о. ж. ишканаларына кетүүгө мажбур болушкан. Таптык жиктелүүнүн күчөшү, адам чыдагыс оор шарттар, массанын жакырланышы аларды падыша окмотүнө ж-а жерг. ээлүүчүлөргө каршы күрөшкө түрткөн.

Кыргызстандын жумушчулары адегенде нааразылыктарын бийликтегилерге даттануу, ишканалардан качып кетүү, кийинчерээк болсо ачык эле баш ийбей коюу, экон. иш таштоо аркылуу билдиришкен. Бүткүл Түркстандагыдай эле Кыргызстанда да жумушчулардын тапгык аң-сезиминин, уюшкандыгынын осушу сүргүндөн келген социал-демократтардын (В. И. Лойцнер, М. Н. Филиппов, И. И. Пономарёв ж. б.), о. эле Россиянын борб. губернияларынан келген жумушчулардын иш аракеттерине байланыштуу болгон. Алар жерг. жумушчуларга рев-ялык күрөштүн тажрыйбасын үйрөтүшүп, жумушчу кыймылына аң-сезимдүүлүктүн элементтерин киргизишкен, с.-д. алгачкы топторду ж-а уюмдарды түзүшкөн. 1904—05-ж. Пишпекте, Пржевальскиде, Ошто, Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү кендеринде маркстик ийрим пайда болгон. Бул ийримдердин ишине Верныйдагы с.-д. топтордун ишмердиги олуттуу таасир тийгизген. Алар аркылуу рев-ячыл көптөгөн баракчалар, прокламациялар ж. б. тыюу салынган адабияттар келип турган. Пишпек ш-нда туулган М. В. Фрунзе да өзүнүн рев-ячыл ишмердигин дал ушул жерден баштаган.

Петербургда 1905-ж. 9-январдагы окуя биринчи орус рев-ясынын башталышы болгон. Падыша окмотүнө каршы күрөшкө борб. Россиянын эмгекчилери м-н бирдикте чет-жакалардын эзилген элдери да чыккан. «Россиянын эзилген элдеринин арасында,— деп жазган В. И. Ленин,— эркиндик үчүн улуттук кыймыл дүрт этип которулду» (Чыг., кырг. 1-бас., 23-т., 285-б.). Кыргызстандын, асыресе, Кызыл-Кыя шахталарынын жумушчулары 1905-ж. 8 сааттык жумуш күнүн киргизүүнү, эмгек акыны көбөйтүүнү, штрафтарды жоюуну, иш убагынан тышкары жумушту кыскартууну, о. эле соз,

чогулуп отко рүү ж-а союздарга бириг үү эркиндиктерин бер үүнү талап кылышып, ин таштоого чыгышкан. Шахталарга удаа аларга жакын жердеги тоо-кен о. ж. ишканаларынын жумушчулары да ин ташташкан.

Ин таштоолор дыйкандар кыймылынын жогорулашына олуттуу түртк болгон. Дыйкандар к рөшү салыктарды толоодон ж-а милдеттүү түрдө ишт бер үүдон баш тартуу, бийлик адамдарын шайлоо убагында бай-манаптардын кандидатурасына каршы болуу, болуштарды ж-а айыл старчындарын олтүрүү, куралдуу которулушторго чыгуу сыяктуу ар түрдүү формаларда жүргон. 1905-ж. жазында Багыш, Чаткал, Суусамыр ж. б. болуштуктарда кедей дыйкандардын толкундоолору болуп, шайлоо убагында кыргыз кедейлери жек көрүмчү болуштук башкаруучуларга ж-а айыл старчындарына каршы чыгышкан. Суусамыр ж-а Чаткал болуштуктарында да «тартипсиздиктин» айынан шайлоо кийинки моопотко калтырылса, Багыш болуштугунда такыр үзгүлтүкко учураган. Пржевальск уездинде болушту шайлоо убагында көп пара алып, бул орунга манаптардын бироону коюуга аракет кылган уездик начальниктин жардамчысын кедейлер сабап салышкан. Кедейлердин активдүү аракетинин натыйжасында 1905-ж. май айында Суусамыр болуштугунун эмгекчилери болуштукка өздөрүнүн адамын шайлоого жетишкен.

Рев-ялык окуялардын осүшүно байланыштуу кыргыз дыйкандары падыша өкмөтүнүн жерди тартып алуусуна каршы күрөштү күчөтүшкөн. Кыргыз эмгекчилери «колониялаштыруу фондусун» түзүүгө аракеттенген падышалык чиновниктерге каршылык көрсөтүшкөн. Мис., 1905-ж. апрелде Анжиян уездинин калкы алардын жамааттык жерлерин өлчөөгө келген зымчыны (жер өлчөгүч) кууп жиберишкен. Ушундай эле окуялар Түп. Кыргызстанда да болгон. Кыргыз дыйкандарынын чыгуулары баш-аламан ж-а уюшпаган мүнөздө өткөн. Бул кыймылдар дыйкандар м-н малчылардын феод. ж-а колониялык эзүүгө каршы нааразылыгын көрсөткөн. 1905-ж. күзүндө жалпы россиялык саясий ин таштоонун таасири м-п рев-ялык кыймыл Түркстанда, а. и. Кыргызстанда дагы күч алып өнүп баштаган. Август—сентябрда «Риштан» нефть өндүрүшүнүн жумушчулары экон. ж-а саясий талаптар м-н ин ташташкан. Көмөкчү жумуштарда иштеген кыргыз жумушчулары орус жумушчуларын колдоп, аларга тилектеш болгон.

1905-ж. күзүндө Пишпекте, Түркстан крайынын болок шаарларында эле мещандар, кол өнөрчүлөр, кызматчылар, окуучу жаштар, шаардык кедейлер, көп сандаган адамдар катышкан саясий митингилер болуп өткөн. Митингилер м-н демонстрациялардын катышуучулары падышалык чиновниктердин өтө эле жексурдарын кызматтан четтетүүнү, эмгекчилерге саясий укуктарды берүүнү, тец, тике ж-а жашырын добуш м-н жалпы шайлоо өткөрүүнү талап кылышкан. 1905-ж. ноябрда күрөшкө почта ж-а телеграф кызматкерлери кошулган. Петербург м-н Москванын басмакана жумушчуларынын ин таштоолорун колдоо иретинде 16—29-ноябрда Пишпектин почта-телеграф конторасынын кызматчылары ин таштоого чыгышып, эмгек акыны көбөйтүүнү, турак жай, турмуш тиричилик абалдарын жакшыртууну талап кылышкан. Мына ошол мезгилде Кыргызстанда почта-телеграф кызматкерлеринин профсоюзу түзүлгөн.

Кыргызстанда рев-ялык кыймыл жөрг. с.-д. топтор м-н уюмдардын таасири астында өнүккөн. Дал ушул учурда РСДРПнин Ташкен комитети м-н Жети-Суу социал-демократтарынын тыгыз байланышы түзүлгөн. 1905-ж. күзүндө Жети-Суунун Верный, Пишпек, Пржевальск ж. б. шаарлары м-н кыштактарында социал-демократтар активдүү иштешип, калк арасында баракчаларды, прокламацияларды, о. эле тыюу салынган адабияттарды таратышкан. Рев-ялык иштер солдаттар арасында да жүргүзүлгөн. Бийликтегилер бардык аракеттерине карабай өкмөткө каршы «ыңгайсыз» ойдон аскер болүктөрүн сактан кала алган эмес. Мис., 1905-ж. 16-октябрда Жети-Суу обл-ның аскер губернаторунун Түркстан генерал-губернаторуна жиберген билдирүүсүндө солдаттарды бийликке каршы чыгууга чакырган прокламациялардын областта көп таркатылып жаткандыгы ж-дө кабарлаган. Прокламациялар м-н баракчалар Ош, Пишпек, Пржевальск, Нарындагы казармалардан да табылган. «Солдаттар солдаттарга» аттуу прокламацияда «Падышаны эмес, элди . падышадан, байларды ж-а кан ичерлерди эмес, дыйкандар м-н жумушчуларды коргоо» деген чакырык айтылган. Ош гарнизонундагы солдаттардын арасында рев-ялык ишти РСДРПнин Жаңы-Маргалац тобуна кирген В. Особо м-н анын пикирдештери жүргүзгөн. Социал-демократтардын ин-аракеттери аскер болүктөрүнө рев-ячыл таасирин тийгизген. Түркстан крайынын бардык аскер болүктөрүндөгүдөй эле Ош, Нарын гарнизондорунда да кыжырдануулар башталган.

Рев-ялык кыймылдын осүшүнөн чочулаган падыша өкмөтүнүн өзгөчө буйругу м-н 1905-ж. Пишпек, Верный ж-а Жаркент уезддеринде күчөтүлгөн күзөт абалы, 1906-ж. Фергана обл-нда атайын күзөт абалы киргизилген.

1905-ж. Москвада Декабрь куралдуу которулушу жеңилген соң рев-ялык толкундоолор акырындап басаңдай баштаган. Бирок катуу террорго карабастан жумушчулар м-н дыйкандар күрөштү уланта беришкен. 1906-жылдын башында Фергана өрөөнүнүн тоо-кен ишканаларынын жумушчулары, 24-январдан 6-февралга чейин «Чимион» нефть кенинин жумушчулары ин ташташкан. Ин таштоо кыймылы «Битум», «Ноокат» ишканаларын да кучагына алып, натыйжада алардын администрациясы жумушчулардын айрым талаптарын канааттандырууга мажбур болгон.

Шаардык ж-а айылдык кедейлер күрөштүн бир кыйла активдүү формаларына өткөн. 1906-ж. 3-апрелге караган түнү Пишпектин почта-телеграф конторасына кол салуу уюштурулган. Ош уездинин Ак-Баштагы почта-телеграф болүмүнүн начальнигинин өтүнүчү б-ча ал жердегилерди тартипке келтирүүгө Гүлчөдөн 50 казак орус ж-а Өштөн мергенчилер командасы жиберилген. Толкундоолор келгин дыйкандардын арасында да башталган. «Оз бетинче» көчүп келген жерсиз ж-а жери аз дыйкандар (алардын саны 1906-ж. Пишпек уездинде эле 7 мицден ашкан) коомдук түзүлүшкө нааразылыгын билдиришкен, жер берүүнү талап кылышкан, чиновниктерди (келгиндерди тейлеген) жазалайбыз деп коркутушуп, Түп. Кыргызстандын айрым жерлеринде орус дыйкандары м-н кыргыз кедейлери биргелешип чыгышкан. Кыргыз кедейлери орус келгиндери м-н жакындашып, өздөрүнүн таптык таламдарын ачыгыраак түшүнүшүп, бай-манаптарга ж-а падышачылыкка каршы активдүү күрөшө баштаган. Кыргыз дыйкандарынын олуттуу толкундоолору Анжиян уездинин Майлы-Сай, Пишпек уездинин Сары багыш болуштуктарында ж-а Олуя-Ата уездинин бир катар жерлеринде болуп өткөн. Агрардык кыймылдын күч алышына кыргыз дыйкандарынын күчөй баштаган куралдуу чыгуулары да далил болот. Алар болуштардын, айыл старчындарынын үйлөрүнө, чарбактарына кол салышып, жек көрүмчү эзүүчүлөрдү жазалап турган. 1906-ж. Фергана обл-нда гана ушундай кол салуулардын 125и катталган. 1908-ж. алардын саны 147ге жеткен. Жерг. басма сөздүн билдирүүсү б-ча төмөнкү администрациянын өкүлдөрү көпчүлүк учурда «тоноо максатында эмес, саясий себеп менен» өлтүрүлгөн («Фергана» газетасы, № 33, 1906).

Рев-ялык окуялардын ж-а с.-д. кыймылдын таасири м-н жерг. эмгекчи калктын таптык аң-сезими өсүп, анын арасынан элдин мүдөөсү үчүн активдүү күрөшкөн рев-ячылар чыга баштайт. Алардын бири мурун батрак болуп келген кыргыз жумушчусу — Т. Жукеев (А. Пудовкин). Ал О. Азия темир жолунда иштеп жүрүп, 1905-ж. РСДРПнин катарына өткөн. Т. Жукеев

жумушчулардын Ташкендеги, Кызыл-Арваттагы ж-а Красноводскидеги рев-ячыл чыгууларына активдүү катышкан. Ал падыша өкмөтүнүн куугунтуктоолору м-н репрессияларына карабастан жумушчулар арасында рев-ячыл ишterди тайманбай жүргүзүп, өзүнө үчүн 1907-ж. 15 жылга сүргүнгө кесилген. 1908-ж. оштук Хакимов, Раимов ж. б. да падышалык бийликтин «саясий жактан ишенимсиз ж-а зыяндуу адамдар» деген пикири б-ча кесилип, Сибирге айдалган. 1908-жылдын башында И. С. Свинухов м-н Ф. Е. Панфиловдун жетекчилиги астында Пишпекте негизинен жумушчулардан турган с.-д. топ түзүлгөн. Топ жерг. эмгекчилер арасында рев-ячыл идеяны пропагандалоо б-ча жигердүү иш жүргүзгөн. Пишпекте социалисттик идеяларды пропагандалоого топтор ж-а прогрессчил интеллигенциянын айрым өкүлдөрү, а. и. А. В. Русиков, А. А. Бабкин, А. Д. Колесников ж. б. катышкан. А. Рувимов, А. Благодарный ж. б. социал-демократтар Кара-Балта, Ново-Николаевка, Ак-Суу кыштактарындагы дыйкандардын арасында рев-ячыл пропаганданы жүргүзүшкөн. Түш. Кыргызстанда болсо Бакудан Ошко сүргүнгө айдалып келген Д. Е. Чураков «Чимион» нефть кенинин жумушчулары м-н байланыш түзгөн. Ошентсе да жумушчулардын аздыгына, уюмдашпагандыгына, жерг. с.-д. уюмдардын али начарлыгына, о. эле патриархалдык-феод. мамилелердин үстөмдүк кылып турушуна байланыштуу рев-ялык кыймыл артта калган улуттук башка райондордогудай эле Кыргызстанда да Россиянын европалык бөлүгүнө салыштырганда начар өнүккөн.

Падышачылык ж-а буржуазиялык улутчулдар элдердин ортосунда улуттук кайраштыруруларды күчөтүшүп, жерг. улуттардын эмгекчилеринин орус жумушчулары, эмгекчи дыйкандары м-н биригүүсүнө жол бербөөгө умтулган. Жумушчулар м-н айылдык кедейлер таптык салгылаштарга катышуу аркылуу келечекте социалдык ж-а улуттук-боштондукка чыгуу үчүн зарыл болгон рев-ялык күрөштүн ж-а саясий тарбиянын катаал жолун басып өткөн. Рев-ялык окуялардын жүрүшүндө орус жумушчулары м-н дыйкандарынын ж-а кыргыз эмгекчи массасынын ортосундагы интернационалдык тилектештик чындалып, алардын күжүрмөн достугу башталган.

1905—07-жылдардагы рев-я жеңилип калса да анын зор мааниси болду. 1905-жылкы окуялар деп жазган В. И. Ленин: «Азияны биротоло ойготту. Орто кылымдык өспөй токтоп калуунун түшүндө эзилип, жанчылган, жанайылашкан жүз миллиондогон калк жаңы турмушка жана адамдын негизги укуктары үчүн болгон күрөшкө ойгонушту» (Чыг., кырг. 1-бас., 19-т. 73-б.).

А. Чукубаев,


КЫРГЫЗСТАН РЕАКЦИЯ ЖАНА РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ ЖАҢЫ ЖОГОРУЛАШ ЖЫЛДАРЫНДА (1907—14)

1905—07-жылдардагы рев-яның жеңилишинен кийин Россияда реакция мезгили башталган. Өлкөдө аскердик талаа соттору өкүм сүрүп, миндеген революционерлер түрмөлөрго камалып, каторгаларга айдалган. Колониялык чет-жакаларда аскердик-полициялык эзүү күч алган. Падыша өкмөтү пролетариаттын бардык саясий уюмдарын кыйратып, реакциячыл идеологияны, шовинизмди ж-а улутчулдукту, элдердин ортосундагы улуттук касташууларды күчөтүү аркылуу рев-ячыл идеялардын таасирин начарлатууга аракет кылган. Өзгөчө кыйын абалга партиялык уюмдар дуушар болгон. 1907-ж. Ош м-н Пишпектин с.-д. топтору жоюлуп, алардын жетекчилери камакка алынган. Ушул эле мезгилде Түркстанда, а. и. Кыргызстанда да улутчул ар түрдүү топтордун ин-аракеттери күчөгөн. Жерг. эзүүчү төбөлдөр жеке бийликтин ыгына көнүп, анын саясатын коштогон. О. Азиянын жаңыдан калыптана баштаган, али начар улуттук буржуазиясынын өкүлдөрү жадиддер кыймылына кошулушкан. Жадидизм Кыргызстанга да тарай баштайт. Жадиддер пантүркизм м-н панисламизмдин туусу астында феодализмге каршы жүргүзгөн ыраатсыз күрөшүндө рев-ячыл-демокр. кайра куруунун жолуна түшө алышкан эмес. Алар Чыгыш элдеринде таптар, таптык карама-каршылыктар жок дешип, динди жакташып, коргошун, жерг. улуттардын эмгекчилеринин арасында с.-д. таасирдин өсүшүнө каршы активдүү күрөш жүргүзүшкөн.

Реакция жылдарында падыша өкмөтү дыйкандарды өлкөнүн борбор жагынан анын чет-жакаларына көчүрүүнү күчөткөн, муну м-н ал орус кыштактарындагы агрардык кризисти бир аз басандатып, тап күрөшүн начарлатмак болгон. 1906—12-ж. Жети-Суу ж-а Сыр-Дарыя обл-тарында келгиндердин 28 021 участкасы түзүлүп, 566 961 теше жер бөлүнүп алынган. Бул жерг. калктын каршылыгын туудурган. Пржевальск уездинде кыргыз дыйкандары жер берүүдөн таптакыр баш тартышып, келгиндерге жер бөлүштүрүү б-ча ин жүргүзүлүшүнө жол бериштеген. Пржевальск уездиндеги окуядан чочулаган бийлик ээлери жазалоочу отряд чакырып, 100дөн ашык адам камакка алынган. Ушундай эле кагылышуулар башка уезддерде да болуп өткөн. Орустун келгин дыйкандарынын арасында жери аздары да, жери жоктору да көп болгон. 1906—10-ж. Пишпек уездиндеги келгиндердин кыштактарындагы чарбалардын көпчүлүгү жарды-жалчылар болуп, эмгекке жарактуу калктын бир бөлүгү кулактарга жалданып иштешкен. Натыйжада келгиндер кыштактарында тап күрөшү курчуган.

Падышачылык Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылды да, с.-д. партиянын рев-ячыл иштерин да токтото алган эмес. 1908-жылдын башында И. С. Свинухов м-н Ф. Е. Панфилов Пишпекте негизинен жумушчулардан турган с.-д. топту түзүп, ал жерг. калк арасында рев-ячыл идеяларды таратуу б-ча жигердүү иш жүргүзгөн. Кызыл-Кыя, Сүлүктү кендеринде рев-ячыл иштерди сүлүктүлүк жумушчу, большевик Д. Т. Деканов, 1905—07-ж. Россиянын борборунда рев-ялык салгылаштарга катышкан И. Е. Михалев, М. Гафуров, о. эле И. И. Едренкин, Л. Г. Солнышко ж. б. жүргүзүшкөн. Тоо-кен өндүрүшүндө такшалган, жетилген күрөшүүчүлөрдүн пайда болушу жумушчулардын арасында рев-ячыл иштердин күчөшүнө көмөк берген. С.-д. топтордун ж-а ийримдердин жанданышы Кыргызстандагы жумушчу кыймылын активдештирүүдө маанилүү роль ойногон. 1910-ж. Сүлүктү таш көмүр кенинин, андан кийин Кызыл-Кыянын шахтёрлору иш ташташкан. Түн. Кыргызстанда дыйкандардын толкуну күч алып, солдаттар арасында да нааразылык туула баштаган. Рев-ячыл жаңы жогорулап жылдарында кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылында рев-ячыл-демокр. тенденция күчөй баштайт. Акын-демократтар Токтогул, Тоголок Молдо, Б. Алыкулов ж. б-лардын ырларынан эмгекчил элдин мүдөөсү, прогрессчил идеялар дагы ачыгыраак көрүнөт, алар 1906—14-жылдардагы чыгармаларында феод. клерикалык төбөлдөрдүн, жерг. башкаруучулардын өкүлдөрүнүн, колониялык чиновниктердин бетин ачып, карачгылык м-н түркойлукту сынга алышкан. Алардын чыгармалары эмгекчи массаны рев-ячыл күрөшкө кеңири тартууга көмөк берген.

1912-ж. 4-апрелде Лена алтын кенинидеги атуудан кийин демонстрация м-н иш таштоолордун толкуну крайдын бүткүл ө. ж-луу райондорунда болуп өткөн. 1912-ж. 9-апрелде Кызыл-Кыя көмүр кенинин жумушчулары, августта Шураб тоо кенчилери, окт.— ноябрда кайрадан Кызыл-Кыя шахтёрлору иш ташташкан. Бул


КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 20-кылымдын БАШЫНДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КЫЙМЫЛ
60 0 60 120 км
Эскертүү: 1.Самаркан области
1905-жылдан 1916-жылга чейинки Кыргызстан
Калк ормошкон пункттар
Чек аралар
РСДРПнин ийриндери жана топтору (1905-1916-жж.)
Митингилер жана жыйындар
Байланыш кызматкерлеринин 1905-жсекабрдагы Бүткүл россиялык иш таштоосу
Орус дыйкандарынын чыгуулары
Жергиликтүү дыйкандардын чыгуулары
1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш
ВЕРНЫЙ Областтык борборлор
Пишпек Уездик борборлор
Сүрөлөмдөр Кыштактар
Областтык чек аралар
Уездик чек аралар
Кыргыз ССРинин азыркы чек арасы
ВЕРНЫЙ
ТАШКЕНТ
Ташкент
Хожент
Коканд
Наманган
Андижан
Ош
Джалал-Абад
Ош
Сыр-Дарья
Чимкент
Аулие-Ата
Токмок
Пишпек
Каракол
Нарын
Кочкор
Рыбачье
Орловка
Чуй
Тюп
Пржевальск
Ысык-Көл
Чаткал
Сарыбагыш
Ак-Суу
Сары-Таш
Кызыл-Кия
Хайдаркен
Сулюкта
Чаарат
Сарала
Ат-Башы
Чолпон-Ата
Дмитриевск
Телес
Белоконский
Тоомок
Кок-Джар
Чаек
Чарын
Чон-Кемин
Чон-Чуй
Кара-Балта
Кара-Суу
Ноокен
Кара-Кульджа
Узген
Кара-Кол
Ак-Терек
Ак-Сай
Ак-Джол
Ак-Тюз
Ак-Булак
Ак-Ташский
Ак-Ташский
Ак-Ташский

дында күч алган рев-ялык жалпы кризистин көрүнүштөрүнүн бири болгон. Көтөрүлүш колониялык бийликтерге олуттуу сокку урган ж-а ошону м-н бирге падышалык жеке бийликтин тиректерин кыйратууга жардам берип, Россиянын чет-жакаларындагыдай эле борборунда да эмгек армиясына алуу иши үзгүлтүккө учуратылган. Падыша өкмөтүнүн эл аралык аренадагы бедели да белгилүү даражада төмөндөгөн. Булардын бардыгы падышачылыктын импер. согушта жеңилишине түрткү болбой коё алган жок. 1916-жылкы көтөрүлүш падышалык Россиянын колониялык кеңири эзилгинин ар кайсы аймактарында башталып, 1-дүйнөлүк согуш мезгилинде өзгөчө кеңири кулач жайган улуттук-бөлүнүүчүлүктүн бир бөлүгү болуп калган. Бул көтөрүлүш орус пролетариатынын ж-а эмгекчи дыйкандарынын рев-ячыл күймылына биригип, Россия элдеринин падышалык жеке бийликке каршы бөлүнүүчүлүк күймылынын жалпы агымына кошулган. Падышалык колониячыларга ж-а жерг. эзүүчүлөргө каршы багытталган бул көтөрүлүш кыргыз эмгекчилеринин тап күрөшүнүн айкын көрүнүштөрүнөн болгон. Ал эмгекчилерди кош эзүүгө каршы бөлүнүүчүлүк күрөштүн тажрыйбасы м-н байыткан. Көтөрүлүш кедейлердин таптык аң-сезимининн калыптануу процессин тездетип, Кыргызстандагы социалдык карама-каршылыктардын андан ары курчушуна ж-а рев-ячыл күймылдын күч алышына алып келген. Көтөрүлүштүн сабактары текке кетпей, андан алынган тажрыйбаны эмгекчилер февралдагы бурж.-демокр. ж-а октябрдагы соц. рев-ялардын жүрүшүндө пайдаланган.

К. Усенбаев.

КЫРГЫЗСТАН 1917-ЖЫЛКЫ ФЕВРАЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫ УЧУРУНДА

Февраль революциясы — буржуазиялык-демокр. экинчи орус рев-ясы. Бул рев-яның чыгышына деле 1905—07-жылдардагы рев-яны пайда кылган объективдүү шарттар себеп болгон. Рев-яның негизги милдеттери мурдагыдай эле падышалык жеке бийликти кулатып ж-а демокр. респ-каны түзүү, помещиктик жер эзелөөнү, сословиелик ж-а улуттук теңсиздикти жоюу, 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү болуп кала берген. В. И. Ленин белгилегендей дүйнөлүк согуш Февр. рев-ясынын кубаттуу «тездеткичи» катары кызмат кылып, ал бир жактан «бүткүл дүйнөлүк тарыхтын агымын эбегейсиз зор өлчөмдө» ылдамдатып, экинчи жактан «болуп көрбөгөндөй күчтүү экономикалык, саясий, улуттук жана интернационалдык бүткүл дүйнөлүк кризистерди пайда кылды» (Чыг., кырг. 1-бас.,23-т., 343-б.).

Кыргызстандагы Февр. рев-ясынын социалдык-экон. ж-а саясий өбөлгөлөрүнүн өзүнчө өзгөчөлүктөрү болгон. Бул анын колониялык абалы м-н шартталган. Ал өзгөчөлүктөр негизинен дыйкандарды экспроприациялоо — б. а. аларды массалык түрдө жеринен ажыратуу, жерг. ж-а орус жумушчуларын аёсуз эксплуатациялоо, о. эле улуттук-колониялык эзүүнү күчөтүү (айрыкча 1916-жылкы көтөрүлүш басылгандан кийин) болгон. Улуттук-колониялык эзүүнү падышалыкты кулатып, партиянын улут маселеси б-ча лениндик программасын иш жүзүнө ашырганда гана жок кылууга болот эле.

Кыргызстанда рев-яның күймылдаткыч күчү өлкөнүн башка райондорундагыдай эле жумушчу табы, аны менен союздашып көтөрүлүшкө бирге чыккан жерг. ж-а келгин дыйкандар болгон. 1917-ж. февралда Петроградда жумушчулар м-н солдаттардын көтөрүлүшүнүн натыйжасында падышалык жеке бийлик кулатылган. Өлкөдө кош бийлик орногон. Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттар советтери м-н буржуазиялык Убакт. өкмөт бир эле убакта иш жүргүзүп турушкан. Петроградда рев-я жеңгенден бир нече күн өткөндөн кийин эле ал Кыргызстанда башталган. Монархияның кулатылгандыгы жөнүндөгү кабар 4-мартта Чүй сугат системасынын курулушундагы Пишпек жумушчуларына ж-а Кызыл-Кыянын шахтёрлоруна жеткен. Шаарларда, кыштактарда ж-а айылдарда митингилер, демонстрациялар болуп өткөн. Рев-я ар түрдүү улуттардын эмгекчилерин жакындаштырып, улуттук кастаашууларды жоюуга түртүү берген. Падыша чиновниктерин кызматтан алуу иштери башталган. Падышачылыктын койгон адамдарына каршы күрөштө жумушчулар м-н дыйкандар өздөрүнүн бийлик органдарын — Советтерди түзө башташкан. Кыргызстанда Жумушчу депутаттарынын биринчи советин 1917-ж. 6-мартта Кызыл-Кыя шахтёрлору түзүшкөн. Ага 13 адам шайланып, а. и. рев-ячыл маанайдагы жумушчулар А. К. Добрынин, Л. Г. Солнышко, В. А. Елисеев ж. б. болушкан. Буга удаа эле Сүлүктү көмүр кенинде да Жумушчу депутаттар совети түзүлгөн. 1917-ж. мартта Советтер Пишпек м-н Ошто, май — июнда Нарында, Пржевальскиде, Токмокто пайда болгон. Советтер эмгекчилердин колдоосу м-н демокр. кайра курууларды жүргүзө башташкан. Бирок Советтерде басымдуулук кылган меньшевиктер м-н эсерлер бул ишке кедерги болушкан. Келишкичтердин бетин ачып, Советтерди большевиктештирүү үчүн күрөш улантылып, улам барган сайын Советтер эл массасынын кысымы астында рев-ячыл кайра курууларды ишке жүзүнө ашырууга мажбур болгон.

Буржуазия м-н феодалдар болсо Убактылуу өкмөттү колдогон «аткаруу комитеттери», «коомдук кооспсуздук комитети» деп аталган ж. б. уюмдарын түзө баштаган. А Убактылуу өкмөт өз кезегинде мына ушул уюмдарга таянган. Буржуазиялык аткаруу комитеттери 1917-ж. мартта Пишпек, Пржевальск, Токмок, Ош ж. б. шаарларда, о. эле айыл жерлеринде да түзүлгөн. Кээ бир шаарларда, кыштактарда ж-а айылдарда колониялык эски администрация — айылдык старосталар, старчындар, болуштар сакталып кала берген. 1917-ж. 6-апрелде Убактылуу өкмөт тарабынан Түркстан комитети түзүлүп, ал областтар м-н уездерде өзүнүн комиссарларын дайындаган. Алар аткаруу комитеттери м-н байланышта иш жүргүзүшкөн. Жети-Суу обл-на жетекчилерди буржуазия дайындаган. Ушинтип кош бийлик Кыргызстанда да орногон. 1917-жылкы Февр. рев-ясы Россияның, а. и. улуттук чет-жакалардын тарыхында да маанилүү роль ойногон. Ал империализм доорундагы элдик жеңиштүү рев-яның алгачкы өбөлгөсү болгон. Мунун натыйжасында жеке бийлик кулатылып, В. И. Ленин белгилегендей «...Россия өзүнүн саясий түзүлүшү жагынан... алдыңкы өлкөлөрдү кууп жетти» (Чыг., кырг. 1-бас., 25-т., 406-б.). Бирок эмгекчилер чыныгы эркиндикке жетишкен эмес, алардын саясий ж-а экон. талаптары иш жүзүнө ашырылбаган. Пролетариаттын алдында бийликти өз колуна алуу милдети турган. Социалдык-саясий татаал шарттарда большевиктер эмгекчи массаны эксплуатациядан толук куткара турган социалдык рев-яның программасын иштеп чыгууга киришкен.


К. Усенбаев

КЫРГЫЗСТАНДА УЛУУ ОКТЯБРЬ СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН ЖЕҢИШИ

Улуу Окт. соц. рев-ясы бүткүл адамзаттын өнүгүү жолун түп тамырынан бери өзгөрткөн 20-к-дагы башкы окуя болду. Л. И. Брежнев Улуу Октябрдын 60 жылдыгына арналган докладында Октябрдан «...тарыхтын жаңы доору — дүйнөнү революциячыл кайра куруунун доору, социализмге жана коммунизмге өтүүнүн доору башталгандыгын» айткан (Лениндик жол менен, Фр., 1979, 6-т., 669-б.). Улуу Октябрдын жеңиши м-н Россиянын бардык элдеринин тарыхый тагдыры түп тамырынан бери өзгөрүлдү. Совет бийлиги пролетариат диктатурасынын формасы катары бардык эмгекчилерди капиталисттик түзүлүштүн учурунда мүмкүн болбой турган толук эркиндик м-н, чыныгы демократия м-н камсыз кылды. Рев-яда Коммунисттик партия баштаган жумушчу табынын бөлүнбөс күчтүү союзунун ж-а интернационалдык бат-бат кошуусунун тарыхый мааниси ар тараптан ачык көрүндү. Октябрдын жеңиши Россиянын мурда эзилип келген бардык элдерин азаттыкка чыгарды. Ал лениндик улут саясатын ишке ашырып, эмгекчилердин интернационалдык бекем союзун түздү. Улуу Окт. дүйнөлүк соц. рев-яның башталышына, социализмдин дүйнөлүк системасынын түзүлүшүнө ж-а өнүгүшүнө негиз салды. Улуу Окт. соц. рев-ясы кыргыз элинин да тарыхый тагдырындагы ири бурулуш болду. Ал аны чыныгы эркиндикке чыгарып, анын коомдук, социалдык-экон. өнүгүү жагынан тарыхый секирик жасоосун камсыз кылып, социализмди ж-а коммунизмди куруусуна жол ачты. Улуу Октябрдын жеңишине кыргыз эли да, о. эле Кыргызстандагы бүткүл эмгекчилер да татыктуу салым кошту.

Кыргызстандагы соц. рев-я закон ченемдүү, өзүнө мүнөздүү тарыхый өбөлгөлүү окуя болгон. Капитализмдин кадикси кыйрашына, соц. рев-яның закон ченемине ж-а анын адегенде бир өлкөдө жеңишинин мүмкүндүгүнө негизделген соц. рев-яның лениндик теориясында капитализмге чейинки түзүлүштө жашаган элдер соц. рев-яда жеңип чыккан, көбүрөөк өнүккөн элдердин жардамы м-н капитализмди аттап, социализмге өтө алат деген жобо негизги орунду ээлейт. В. И. Ленин Россияда соц. рев-яның сөзсүз болорун далилдөө м-н аны бүткүл россиялык ж-а бүткүл элдик рев-я катары эсептеген. Ал эми Кыргызстан болсо өнүккөн рев-ячыл пролетариаттуу Россиянын составында эле. Мына ушунун өзү Кыргызстанда соц. рев-яның жеңиши үчүн зарыл тарыхый маанилүү өбөлгөлөрдүн бири эле. Ошентип, анын Россиянын бир бөлүгү катары аны м-н өнүгүүнүн бир жолунда болушу Улуу Октябрдын кадиксиз турдо жеңишине алып келген. Рев-яның алдында Россиянын жетишерлик өнүккөн ө. ж. болгон. Ал эмес Түркстан (Кыргызстан да ага кирген) сыяктуу колониялык чет-жакаларда да бир нече ири ө. ж. ишканалары бар эле. Октябрдын алдында Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү-көмүр кендеринде 2 мингей жумушчу, Чүй курулушунда 200дөй адис жумушчу ж-а 2 мингей кара жумушчу (кыргыздар) иштеген.

Окт. рев-ясынын жеңиши м-н эмгекчилердин кенчине айландырылган капиталисттик менчик социализмди куруунун материалдык базасы болуп калган. Соц. рев-я коомдук прогресске, анын өнүгүшүнө жолто болгон бардык тоскоолдуктарды — өлкөдө саясий ж-а экон. жактан үстөмдүк кылган капитализмди, калкты эзүүнү, асыресе улуттук чет-жакалардын эмгекчилерин эзүүнү жойду. Улуу Октябрдын маанилүү өбөлгөсү Февр. буржуазиялык-демокр. рев-ясы болгон. Жеке бийликтин кулатылышы соц. рев-яга жол ачып, Кыргызстан үчүн да ал күн тартибине коюлуп, буржуазиялык-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өтүү башталган. Буржуазиялык Убакт. өкмөттүн тушунда, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, анын чет-жакаларында да агрардык ж-а улут маселелери чечилбей кала берген. Кыргызстандагы жерг. кедей дыйкандар м-н келгин кедейлер мамлекет тарабынан эч кандай жардам алышкан эмес. Россиянын бардык башка жерлериндегидей Кыргызстанда да эмгекчи массанын турмушу кыйындаган. Келгин кулактар м-н жерг. бай-манаптар кедей дыйкандарды ыра-



йымсыз эзген. Ошентип, мындай оор абалдан Бүткүл Россияны да, а. и. Кыргызстанды да соц. рев-янын жеңиши гана куткара алмак эле.

Кыргызстанда рев-яның чечүүчү кыймылдаткыч күчү Россия пролетариаты ж-а анын отряддарынын бири — Кыргызстандын жумушчулары болгон. Соц. рев-яда көп улуттуу кедей дыйкандар, а. и. кыргыз кедей дыйкандары пролетариаттын союздашы катары чыккан. Рев-яның жетекчи, уюштуруучу күчү В. И. Ленин башында турган большевиктер партиясы болуп, ал Убактылуу өкмөттүн, аны коргогон меньшевиктердин, эсерлердин ж-а буржуазиялык улутчулдардын элге каршы импер. мүнөздөгү саясатынын бетин ачып ашкерелөөдө, пролетариатты уюмдаштырууда, пролетариаттын жетекчилиги м-н соц. рев-яны жеңиштүү ишке ашырууга көтөрүлгөн кеңири массаны өзүнүн айланасына баш коштурууда зор эмгек сиңирген. Мында В. И. Ленинди Апр. тезистери, партиянын Бүткүл россиялык 7-(Апр.) конф-ясынын ж-а 6-съездинин чечимдери, анын стратегиясы м-н тактикасы өтө зор маанияе ээ болгон; анда күроштун максаты — буржуазия м-н помещиктердин бийлигин кулатуу, пролетариат диктатурасын орнотуу, жумушчулар м-н дыйкандардын Советтик респ-ка формасындагы мамлекетин түзүү айкын көрсөтүлгөн.

Бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстанда да соц. рев-яны даярдоо мезгилинде эмгекчилердин арасында түшүндүрүү, уюштируу ж-а интернационалдык иштерди жүргүзүү большевиктердин башкы, маанилүү милдети болгон. Бул багытта зор иштерди жерг. большевиктик топтор ж-а большевиктер партиясынын айрым өкүлдөрү жүргүзгөн. Кыргызстанда рев-чыл иштерди жүргүзүүнүн шарты оор болгон: рев-яга чейинки мезгилде бул аймакта с.-д. кыймыл жаңы гана пайда боло баштап, падышачылык социал-демократтарды куугунтуктап, катуу жазалап турган. Жеке бийлик кулатылгандан кийин с.-д. топтор Кыргызстандын бардык жерлеринде түзүлө баштаган. Алгачкы с.-д. топ 1917-ж. мартта Сүлүктү кенинин жумушчуларынын арасында, кийинчерээк Кызыл-Кыяда, Пишпекте ж-а Ошто түзүлгөн. Булар бириккен с.-д. топтор болгондуктан аларга большевиктер да, меньшевиктер да кирген. Жумушчулардын с.-д. топторунда большевиктик таасир күчтүүлүк кылган. Сүлүктү тобун большевик Д. Т. Деканов жетектеген. Пишпек м-н Оштогу с.-д. легалдык топтордо меньшевиктер үстөмдүк кылган. Буржуазия, анын бийлик органдары, бай-манаптар, алар уюштурган уюмдар («Кыргыз коомдук комитети», «Шура-и-Ислам», «Алаш-Ордо»), о. эле буларга кошулуп, меньшевиктер м-н эсерлер большевиктер ж-дө ушак таратышып, алардын Петроградагы 1917-жылкы Июль окуяларынан кийин ачык эле куугунтуктоого өтүшкөн. Бирок Кыргызстанда большевиктердин таасири барган сайын күчөп, алардын улам жаңы жашырын топтору түзүлө берген. Рев-ячыл идеяларды жайылтууда армиядан кайтып келген солдаттар, ооруктагы кыргыз жумушчулары, айрыкча 1905—07-жылдардагы рев-яга катышкан орус жумушчулары (большевиктер Д. Т. Деканов, А. И. Иванициын, И. И. Едренкин), алар м-н катар кыргыздар ж-а Кыргызстандагы башка жерг. улуттардын өкүлдөрү (К. Сарыкулаков, Х. Хасанов, Ш. Бообеков, И. Худайбергенов) зор роль ойногон.

Соц. рев-яның жеңишинде эмгекчилердин кеңири массасынын, советтердин, профсоюздардын ж. б. коомдук уюмдардын активдүү рев-ячыл иштердин маанияе ээ болгон. Кыргызстанда Жумушчу ж-а солдат депутаттар советтери (алгач 1917-ж. мартта Кызыл-Кыя, Сүлүктү көмүр кендеринде, кийинчерээк Пишпек, Ош, Токмок, Нарын, Пржевальскиде) түзүлгөн. Советтер, айрыкча рев-яның башталышында, бийлик органдары катары иштеген. Бирок бул мезгилде Кыргызстанда Советтер м-н катар буржуазиялык аткаруу комитеттери, Убакт. өкмөттүн обл. ж-а уездик комиссарлары да иш жүргүзүшкөн. Советтердин көпчүлүгүндө меньшевиктер м-н эсерлер басымдуулук кылышып, алар буржуазиянын бийлигин жакташкан. Бирок Советтерди эмгекчилер дайыма колдоп турган. Петроградда Июль окуяларынан кийин элге каршы репрессия күчөп, контррев-я рев-ячыл калкты, большевиктер партиясын жазалоого, ошону м-н бирге Советтерди жок кылууга аракеттенип жаткан кезде да эмгекчилер келишкиччтердин максатын үзгүлтүккө учуратып, Советтердин таратылышына жол берген эмес. Ал тургай эмгекчилердин, асыресе жерг. кыргыз, өзбек ж. б. улуттардын эмгекчилеринин Советтерге болгон ишеними барган сайын арта берген. 1917-ж. августа Ошто кыргыз, өзбек жумушчулары м-н чайрыкерлери Мусулман жумушчу ж-а чайрыкер депутаттар советин түзгөн. Бул Советтин өкүлдөрү Ош солдат депутаттар советине кирген. Кыргызстанда Жумушчу депутаттарынын шахтёрдук советтери (Сүлүктү, Кызыл-Кыя ж. б. жерлерде) айрыкча жигердүү иштеген. Алар жумушчулар м-н бардык эмгекчилердин мүдөөсүн чечкиндүү жактап, өндүрүш эзелеринен Советтин токтомдорун кыйшаюусуз орундатууну талап кылган.

Март — апр. айларынан тартып Кыргызстанда профсоюз уюмдары түзүлө баштаган. Алардын ирилери — Пишпектеги Жумушчулар м-н кол өнөрчүлөр союзу, Оштогу Жумушчулар м-н чайрыкерлер союзу, «Санто» нефть өндүрүшүнүн, Кызыл-Кыя, Сүлүктү кендеринин жумушчуларынын демилгеси м-н түзүлгөн Тоо-кен жумушчуларынын союзу (1917-ж. авг.). Кыргыз кедейлери Пишпек уездинде «Букара» союзун (1917-ж. май) түзүп, күзүндө ал 7 миңден ашуун адамды бириктирген. Рев-ячыл аң-сезимдүүлүктүн өскону баарыдан мурда эмгекчилердин рев-ячыл активдүүлүгүнүн жогорулашынан көрүнгөн. Буржуазиялык Убакт. өкмөт адегенде калкты тынчтык, жер, нан ж-а эркиндик берүү ж-дегү жалган убадалары м-н алдаган. Мында ага меньшевиктер м-н эсерлер жардам берген. Бирок Россиянын ж-а анын чет-жакаларынын эмгекчилери Убактылуу өкмөттүн саясаты элге каршы экенин тез эле баамдаган. Буга көбүнчө большевиктердин түшүндүрүү иштери чоң түртүк болгон. Империалисттик согуштун улантылышына, кымбатчылык м-н ачарчылыкка, буржуазиялык бийликтердин зэн баштыгына, Убактылуу өкмөттүн жумушчу, агрардык ж-а улут маселелерин эмгекчилердин пайдасына чечүүдөн баш тарткандыгына каршы бүткүл өлкөдө, а. и. Кыргызстанда да элдин нааразылыгы барган сайын күчөгөн. Кыргызстандын жумушчулары ишкана эзелеринин өзүүсүнө чечкиндүү каршылык көрсөтүп, иш таштоолорду уюштурушкан; өз бетинче 8 саттык жумуш күнүн, жумушчу контролун киргизишкен. Эзилген кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылы күчөп, күрөш улам барган сайын таптык саясий мүнөзгө ээ болуп, Россиянын жумушчулары м-н дыйкандарынын рев-ячыл күрөшүнө ыктай баштаган. 1916-ж. мекенин таштап качкан жүз миңдеген ач-жылаңач кедейлер кайтып келишип, Убактылуу өкмөттөн падышачылык тартып алган жерлерди кайтарып берүүнү, ал бүлүнткөн чарбалардын чыгымын төлөөнү, куугунтуктоолорду ж-а кыргыздарды өз жеринен ажыратууну токтотууну талап кылышкан. Айылдар м-н болуштуктарда кыргыз дыйкандарынын бай-манаптарга каршы күрөшү күчөгөн. Жарды келгиндер арасында да нааразылыктар өскөн. Буржуазиялык бийлик органдары ж-а алардын өкүлдөрү эмгекчилердин ишеними нен ажырап, улам шайлоолор болуп, кээде куулуп, таркатылып да турган. Кыргызстандагы рев-ячыл кыймылдын борбору — Пишпекте 1917-ж. эмгекчилердин бир катар массалык митингилери болуп өткөн. Кыргызстандын эмгекчи массасы Петроградда, о. эле Түркстан крайында болгон бардык рев-ячыл саясий окуяларды кубаттап турган. Рев-ячыл кыймыл контррев-ячыл Корнилов козголоңунан кийин өзгөчө күчөп, Кыргызстандын эмгекчилери да бүткүл өлкөдөгүдөй эле козголоңчуларга нааразылык м-н жооп берген. Айрыкча, Ташкенде эмгекчилердин бийликти Советтерге өткөрүүгө кылган аракеттери (Сент. окуялары, 1917) Кыргызстандын эмгекчилерине зор рев-ячыл таасир тийгизген. Бардык жерлерде большевиктердин таасири өсүп, Советтерди большевиктештирүү башталган. Кызыл-Кыя, Сүлүктү жумушчу депутаттар советтери толук бойдон большевиктердин колуна өткөн. 1917-ж. 13-октябрда Самаркан советтеринин обл. конф-ясына Сүлүктү советинин өкүлдөрү катышып, анда сүлүктүлүк жумушчу Д. Деканов м-н солдат А. Фролов Советтердин бүткүл россиялык 2-съездине делегат болуп шайланган.

1917-ж. 25-октябрда (7-ноябрь) Петроградда жумушчу, солдат ж-а матростор большевиктер партиясынын чакырыгы б-ча анын жетекчилиги м-н Убактылуу өкмөткө каршы куралдуу көтөрүлүшкө чыгышып, бүткүл дүйн. тарыхый жеңишке ээ болушту — буржуазияның бийлигин кулатып, пролетариат диктатурасын, жумушчу-дыйкан бийлигин орнотушту. Ошол эле күнү ачылган Советтердин бүткүл россиялык 2-съезди бийликтин Советтерге өтүшүн жарыялап, Совет өкмөтүн — большевиктер партиясынын ж-а Совет мамлекетинин негиздөөчүсү В. И. Ленин башында турган Эл Комиссарлар Советин (ЭКС) шайлаган. Съезд Совет бийлигинин алгачкы тарыхый декреттерин — «Жер жөнүндө декретти» ж-а «Тынчтык жөнүндө декретти» кабыл алып,


№ 209. Суббота. 26 октября 1917 г.

ИЗВѢСТІЯ

ЦѢНА: ... 15 ...

Центральнаго Исполнительнаго Комитета

И ПЕТРОГРАДСКАГО СОВѢТА

РАБОЧИХЪ и СОЛДАТСКИХЪ ДЕПУТАТОВЪ.

Адресъ редакціи: ... Адресъ конторы: ...

Въ виду созыва въ теченіе ближайших дней Втораго Всероссійскаго Съѣзда Совѣтовъ Крестьянскихъ Депутатовъ, крестьянъ-делегатовъ приглашаемъ на Второй Всероссійскій Съѣздъ Совѣтовъ Рабочихъ и Солдатскихъ Депутатовъ просить оставаться для участія въ работахъ этого съѣзда.

ДЕКРЕТЪ О ЗЕМЛѢ

Жер жөнүндө декрет. «Известия» газетасынын биринчи бети. 1917, 28-окт.

Совет бийлиги «Россияда жашаган бардык улуттарга өз тагдырын өзү чечүүнүн чыныгы укугун камсыз кылабыз» салтанаттуу билдирген. Муну ишжүзүнө ашырыш» салтанаттуу билдирген. Муну ишжүзүнө ашыруу үчүн Совет өкмөтүндө Улут иштери б-ча эл комиссарыаты түзүлүп, 1917-ж. 2-ноябрда «Россия элдеринин укуктарынын декларациясы» кабыл алынган. Анда Россиянын бардык элдеринин тең укуктуулугу ж-а суверендүүлүгү, алардын өз тагдырын өздөрү эркин чечүүгө, б. а. өзүнчө болүнүп, өз алдынча мамлекет түзүүгө чейин укуктуу экендиги жарыяланган. Совет өкмөтү мурда эзилип келген элдер, а. и. кыргыздар да соц. рев-яның жеңиштерин тез ж-а толук пайдалансын үчүн «Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман эмгекчилерине» деген үндөө м-н кайрылып, анда аларды өз турмушун Совет бийлигинин закондоруна ылайык курууга чакырган.

Партия м-н Совет өкмөтүнүн чакырыктары, өтө зарыл саясий милдеттерди чечүү б-ча кабыл алынган иш-чаралары калк тарабынан зор ынта м-н кубатталып, бардык жерде эмгекчилердин кызуу колдоосуна ээ болгон. Рев-я Россиянын борборунда жеңген соц. тез эле улуттук чет-жакаларда да ишке ашып, өлкөнүн бүткүл аймагында Совет бийлиги орной баштаган. Совет бийлигинин Ташкенде 1-ноябрда эле жеңишинин бүткүл край, а. и. Кыргызстан үчүн да өтө зор маанини болгон. Окт. рев-ясынын жеңиши Түркстан советтеринин крайлык 3-съездинде (1917-ж. 15—22-ноябрь) бекемделип, борб. Совет өкмөтүн таануу ж-дө билдирген. Ал крайлык Эл Комиссарлар Советин шайлап, жер-жерлердеги Совет бийлиги ж-дө резолюция кабыл алган. Кыргызстанда бийлик негизинен эмгекчилердин колуна 1917-ж. ноябрь — 1918-ж. февралда өткөн. Совет бийлиги алгач анын түш. ж-а түш.-батыш райондорунда бир кыйла ири ишканалар жайгашкан аймактарда — Сүлүктү м-н Кызыл-Кыянын көмүр кендеринде орногон. Советтердин бүткүл россиялык 2-съездинен кайтып келген большевиктер А. Фролов м-н Д. Деканов Самаркан обл-нда Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштү жетектешкен. 1917-ж. ноябрда Хожент уездинде (Сүлүктү кени ушул уездге кирген) бийлик Советтердин колуна өткөн. 11-ноябрда Хожент совети Советтердин крайлык 3-съездин чакыруу ж-дө билдирүүнү талкуулап, ага жиберилүүчү өз өкүлүн шайлаган. Ошондо эле Сүлүктү жумушчу депутаттар совети өзүнүн Совет бийлигинин органы катары укугун бекитүүнү сурап Түркстан ЭКСине кайрылып, 29-ноябрда ЭКС аны «демократиялык уюм катары таануу» ж-дө чечим кабыл алган. Ушундан тартып уезддин болуштуктарында сов. курулуш башталган.

Кыргызстандын түштүгүндө (Фергана обл-на кирген) Совет бийлигин орнотуу андагы татаал кырдаалдарга байланыштуу кыйла кыйындык м-н ишке ашырылган. Жумушчу калкы бар жерлерде (Кызыл-Кыя кени сыяктуу) жумушчулар ж-а алардын Советтери ташкендик пролетариат м-н Крайлык ЭКСти толук бойдон колдоп чыгышкан. Бирок Фергана обл-нда Совет бийлигин орнотууга контррев-ячыл улутчулдар, колониячыл буржуазия, меньшевиктер ж-а эсерлер катуу каршылык көрсөтүшкөн. Фергана обл-ның эсер-меньшевиктик совети Убактылуу өкмөттү кайра орнотууну жактап, бийликти колуна алуудан баш тарткан. Аны эсерлер жетектеген Ош совети колдогон. Ошентсе да Советтердин көпчүлүгү бийликтин Советтерге өтүшүн жактаган. Фергана обл. совети көпчүлүк эмгекчилердин кысымы м-н гана бийлик ж-дегү маселени талкуулоо б-ча съезд чакырууга аргасыз болгон. Съездге (6—7-дек.) 60 делегат, а. и. Кызыл-Кыя ж-а Ош советтеринин өкүлдөрү келген. Съездде большевиктер ж-а алардын жактагандар басымдуулук кылганы м-н бийлик ж-дө маселени талкуулоо ото татаал шартта жүргөн. Советтердин 2-съездинин алдында чет элдик империалисттер көкүткөн буржуазиячыл улутчулдар Кокондо өз съездин чакырышкан (22—26-ноябрь). Анда Түркстанды Совет респ-касынан бөлүп, буржуазиялык тартипти орнотуу максатында Түркстан «автономиясын» жарыялашып, өз өкмөтүн түзүшкөн. Советтердин съездинде меньшевиктер м-н эсерлер бийликтин Советтерге өтүшүнө каршы чыгып, Уюмдаштыруу чогулушун күтүүнү сунуш кылышкан. Бирок алардын аракети четке кагылган. Съезд областта бийликтин Советтерге өтүшү ж-дегү большевиктик резолюцияны кабыл алып, Кокон автономиячыларынын контррев-ячыл экендигин ашкерелеп, бетин ачкан. Обл. советтин жаңы составы (председатели большевик П. Крутиков) шай-

ланып, андагы орундардын жарымы жерг. калктын эмгекчилеринин өкүлдөрүнө берилген. Съезддеп кийин уезддердеги бийлик Советтердин колуна тынчтык жол м-н өткөн.

Ош уездиндеги эсерлер жетектеген Солдат депутаттар совети бийлик ж-дөгү маселени чечүүнү создукту-ра берген. Ошентсе да эмгекчилердин кысымы м-н 1917-ж. 14-декабрда Совет өзүн уездеги официалдуу бийлик деп эсептеген. Уездин дыйкандарынын айыл советтерин түзүүгө, уездик советтин ишине катышуу-га жасаган аракеттери эске алынып, дыйкандардын райондук советтерин түзүү ж-а аларга уездик совет-те өкүлдүк орундарды берүү ж-дө маселе чечилген. Мусулман жумушчулар ж-а чайрыкерлер депутаттар советинен уездик советке чечүүчү добуш м-н 3 өкүл жиберүү сунуш кылынган. Покровка кыштагындагы дыйкандардын 1917-ж. 23-декабрда өткөн жалпы чогулушунда 5 адамдан турган Дыйкан депутаттарынын совети түзүлгөн. Өзгөн участкасындагы Дыйкан депутаттарынын совети 7 адамдан турган. Ош мусулман жумушчулар ж-а чайрыкерлер депутаттарынын совети уездик советке өзүнүн үч өкүлүн (У. Касымханов, Б. Султанов, Ю. Алиев) жиберген. Уездик советтин чечими б-ча алар жерг. калктын депутаттары катары эсептелген. Ош советинде эсерлер али да көпчүлүктү түзүп, ишке ар тараптан тоскоолдук кылып турган-дыктан аны большевиктештирүү максатында 1918-ж. 17-январда кайра шайлоо өткөрүлгөн. Ошентип духу, составы б-ча большевиктик жаңы совет шайланган. 1917-ж. дек. — 1918-ж. январда Совет бийлиги Түш. Кыргызстандын башка райондорунда да орнотулган. Ошол эле мезгилде Совет бийлиги Таласта, Сыр-Дарыя обл-нын Олуя-Ата уездинде да орногон. Олуя-Атанын пролетардык Ташкенге жакындыгы ж-а анда рев-ячыл темир жол жумушчуларынын ири тобу м-н солдаттар-дын рев-ячыл маанайдагы гарнизонунун жайгашкан-дыгы мында большевиктердин Совет бийлиги үчүн күрөштү жетектеген шаардык тобунун ишин бир кыйла жеңилдеткен. Петрограддагы ж-а Ташкендеги куралдуу көтөрүлүштүн жеңиши ж-дөгү кабарды алган-дан кийин большевиктер жетектеген Олуя-Ата совети коомдук турмушта башкы ролду ойной баштаган. Аны уездин жерг. ж-а орус эмгекчи дыйкандары колдогон. 1917-ж. 1-декабрда мында большевиктердин демилгеси б-ча чакырылган дыйкан депутаттарынын уездик 1-съезди бүткүл бийлик советтерге таандык деп эсептеп, аны бардык күчтөр ж-а каражаттар м-н колдоо ж-дө токтом кабыл алган. Съезд уездик советке өз өкүл-дөрүн шайлаган. Уезддеги кыргыз, казак калкынын өкүлдөрүнүн ушуга удаа чакырылган съезди да Совет бийлигин колдой тургандыгы ж-дө бир добуштан бил-дирип, бай-манаптык «Мусулман комитетин» жоюу ж-дө токтом кабыл алып, уездик Советтин Аткомуна 4 адамдан турган өкүл шайлаган.

Жети-Сууда, Пишпек ж-а Пржевальск уезддеринде Совет бийлиги контррев-ячыл күчтөргө каршы айы-гышкан күрөштүн шартында орнотулган. Казак орус-тардын куралдуу күчтөрүнө ж-а бул жерге Ташкенден качып келген юнкерлерге, алаш-ордочулар отряддары м-н кулактарга таянган Жети-Суу контррев-ячылары Совет бийлигине катуу каршылык көрсөткөн. Жерг. контррев-я россиялык контррев-я м-н, падышалык ж-а Убактылуу өкмөттүн Кытайдагы элчилери аркылуу чет элдик империалисттер ж-а алардын өкмөттөрү м-н байланышта болушкан. Совет бийлиги Ташкен-де жеңгенден эки күн өтпөй Жети-Суунун контр-рев-ячылары казак орус «аскер кошуун өкмөтүнүн» жардамы м-н областта аскер диктатурасын орнотушкан. Ал эми бул «өкмөт» болсо Жети-Сууда Совет бий-лигинин орнотулушуна жол берилбейт деп жарыялаган. Областта согуш абалы киргизилип, жыйналыш-тарга, митингилерге, демокр. уюмдарга тыюу салын-ган; рев-ячыл маанайдагы аскер бөлүктөрү, Советтер таратылган; большевиктер м-н алардын тарапкерлери куугунтукка алынган. Бирок контррев-ячылардын Со-вет бийлигине каршы кылган аракеттеринин бардыгы оңунан чыккан эмес. Бийликтин Советтерге өткөрүлүп берилишин талап кылган массанын нааразылыгы бар-дык уезддерде осо берген.

Соц. рев-яның Жети-Сууда жеңип чыгышында об-ластта биринчи болуп Совет бийлигин орнотkон Пиш-пектеги рев-ячыл күчтөр зор роль ойногон. Буга мын-дагы рев-ячыл маанайдагы жумушчулар, кол өнөрчү-лөр ж-а солдаттар, о. эле оорук жумушунан кайткан мардикерлер м-н 1916-жылкы көтөрүлүштөн улам же-ринен качып, аябай жабыр тарткан кыргыз кедейлери чечүүчү кыймылдаткыч күч болгон. Рев-ячыл күчтөр-дүн активдүү болугун келгин дыйкандардын кедей катмарлары да түзгөн. Пишпек уездинде көпчүлүк эмгекчилерди рев-яга тартууда большевиктердин масса арасындагы түшүндүрүү иштери маанилүү роль ой-ногон. Күзүндө уездде большевиктердин жашырын топтору: башында жумушчу А. И. Иваницын турган Чүй курулушундагы топ, механик И. С. Меркун баш-чылык кылган Пишпектеги жумушчулар тобу, Г. И. Швец-Базарный жетектеген солдаттар тобу түзүлгөн. Ошол эле мезгилде Пишпекте Кыргызстандагы больше-виктик алгачкы улуттук топ (Х. Хасанов, К. Сарыку-лаков, И. Худайбергенов ж. б. жетектеген) да түзүл-гөн. Бул топтор өз ара тыгыз байланышта иштешкен. Большевиктердин негизги таянычы уезддеги бардык болуштуктардын дыйкандарынын арасында зор таасири бар «Букара» союзу болгон. Петроград м-н Ташкенде рев-яның жеңишинен кийин Пишпек уездинин эмгек-чилери мындагы буржуазиялык бийликти тааныбай, ал казак орустардын куралынын күчү м-н гана турган. Контррев-ячыл күчтөр Жети-Сууну Сов. Түркстандан бөлүп, ак гвардиячылар бийлеп турган Сибирге көшүү-га далалат кылышкан. Бирок эмгекчилер буга жол бер-ген эмес. Пишпек уездинде Совет бийлигин орнотуу үчүн жүргөн элдик күрөш 1918-ж. февралда жеңиш м-н аяктаган. Пишпек уездиндеги рев-ячыл процесстин өнүгүшүндөгү бурулуш учур 1917-ж. 31-декабрда боль-шевиктер уюштурган митинг болуп саналат. Митинг большевиктер башында турган бардык рев-ячыл күч-төрдү чечкиндүү аракетке өтүү үчүн баш коштуруп, Кызыл Гвардия отряддарын түзүүгө киришүү ж-дө чечим кабыл алган. Ошол эле күнү большевиктердин демилгеси м-н эмгекчилердин массалык үюму катары Пишпектеги «1917-жылдын 31-декабрь коому» түзүлгөн. Большевиктер бул коомдун атынан ар түрдүү коомдук уюмдардын заседаниелерине, жыйналыштарына ж-а съезддеринө чечүүчү добуш укугу м-н өз өкүлдөрүн жиберип турушкан. Бул болсо легалдуу иш жүргүзүү-гө мүмкүндүк берген. 1918-ж. 1-январда Пишпектин большевиктери жаңы жеңишке ээ болуп, бул күнү Пишпек советинин эсердик жетекчилиги большевиктер м-н алмаштырылган. Анын председателдигине больше-вик Г. И. Швец-Базарный шайланган. Совет Петроград м-н Ташкенге көшүлүү ж-дө дал ошол күнү чечим ка-был алып, ал өзү баш ийген крайлык ж-а борб. Совет-тер м-н байланыш түзгөн. 1918-ж. январда өткөн Жети-Суу дыйкандарынын обл. 2-съездинин Совет бий-лигин тааныу ж-а аны бүткүл областта орнотуу ж-дө чечим кабыл алынынан улам Пишпек уездинин контр-рев-ячыл күчтөрүнүн мизи биротоло кайтарылган. Ушундай эле чечимди 1918-ж. 5-январда Пишпек уезд-дик дыйкандар съезди да кабыл алып, уезддеги бүт-күл бийлик Жумушчу, дыйкан ж-а солдат депутаттар советтерине таандык деген токтом чыгарган. Бул ток-томду жүзөгө ашыруу б-ча 1918-ж. 11-февралда Совет-тердин уездик съезди чакырылып, Совет бийлигинин уезддеги жеңиши бекемделип, съездде кыргыз, орус ж. б. улуттардын эмгекчилеринин интернационалдык биримдигин демонстрацияланган. Пишпек уездинде Со-вет бийлигинин жеңиши Жети-Суу обл-ныи контррев-я-сына катуу сокку урган. Совет бийлиги үчүн күрөш областтын Пржевальск ж. б. уезддеринде да күчөгөн.

Верныйда (азыркы Алматы ш.) буржуазиянын бийлиги 1918-ж. 3-мартта кулатылган. Бул болсо областтын калган аймагында, а. и. Пржевальск уездинде да Совет бийлигин орнотуу үчүн чечүүчү маанеге ээ болгон. Бул уездин эмгекчилери да Совет бийлигинин жеңи-рүүлөрүн сурап, обл. ж-а Пишпек уездик советтерине кайрылышкан. Нарын кыргыздарынын чакыруусу б-ча Токмоктон Ф. Дубовицкий командирлик кылган кызыл гвардиячылардын отряды 1918-ж. 2-апрелде ал жакка келип, жерг. бай-манаптардын Советке каршы аракет-терин баскан. Советтердин мында чакырылган участ-калык съезди Совет бийлигин жарыялаган. Көп убакыт өтпөй Совет бийлиги уездин борбору — Пржевальски-де да жеңип чыккан. Жерг. большевиктер жетектеп, обл. совет колдогон эмгекчилердин катуу күрөшүнүн натыйжасында 1918-ж. майда Пржевальскиде уездик ЭКС түзүлүп, ал эми июнда уездик органдары шай-ланган. Кулактар м-н казак орустардын каршылыгы басылып, Совет бийлиги Кыргызстандын бардык жер-леринде орнотулган.

Окт. рев-ясынын жеңиши м-н большевиктер партия-сынын ж-а өлкөнүн бүткүл эмгекчилеринин алдына Совет мамлекетин түзүү, чыңдоо, социализмди куруу, өлкөнү ички-тышкы душмандардан коргоо сыяктуу жаңы тарыхый милдеттер коюлган. Булар Кыргызстан-дын эмгекчи калкынын да башкы милдеттеринен бол-гон. Кыргызстанда Совет бийлигинин иш-чараларын жүзөгө ашырууда мында феод.-патриархалдык түзү-лүштүн сакталып калган коптогон калдыктары, пады-шачылык м-н Убактылуу өкмөттүн колониялык сая-сатынын кесепеттери ж-а дал ушулардан келип чык-кан экон., маданий артта калгандык чоң тоскоолдук кылган. Социализмди куруу ишиндеги зор кыйынчы-лыктарды жеңип чыгууда маанилүү роль коомдун башкы багыттоочу, жетектөөчү күчү катары чыккан Коммунисттик партияга, анын жерг. уюмдарына таан-дык болгон. Совет бийлигинин орношу м-н жерг. пар-тиялык топтордун уюмдашуу иши чыңдалып, алар лениндик улут саясатын жүзөгө ашыруу, Совет мам-лекетин түзүүдө, соц. кайра куруулар да, эмгекчилерди интернационализмдин ж-а элдердин достугунун духун-да тарбиялоодо, о. эле меньшевиктердин, буржуазия-лык улутчулдардын ж-а эсерлердин бетин ачуу үчүн болгон күрөшкө жетекчилик кылышкан. Кыргызстан-да мамл. түзүлүш процессинде бүткүл өлкөдегүдөй эле өзүнүн буржуазиялык мамл. машинасы жок кылы-нып, башкаруунун жаңы аппараты — Советтер түзүл-гөн. Сов. курулуш Кыргызстанда, өзгөчө 1918-ж. ап-релде Түркстан АССРинин түзүлүшүнөн кийин кеңири кулач жайган. В. И. Лениндин съездге карата, Түрк-станда советтештирүүнү ото кеңири жайылтуу ж-дөгү чакырыгын крайдын эмгекчилери кызуу колдоого алы-шып, Советтерди бардык жерде түзө башташкан.

Мамл. курулушта буржуазиянын, помещиктердин ж-а кулактардын контррев-ячыл чыгууларын басууда о. эле эл аралык империализмдин интервенциясына сокку урууда Советтик куралдуу күчтөрдү түзүүнүн мааниси чоң болгон. Алсак, Кыргызстандын эмгекчиле-рининн катышуусу м-н 1918-ж. февралда Кокон автоно-миячыларынын антисов. куралдуу чыгуусу талкала-нып, ошол эле жылы апрелде Верный ш-нын жанында ак казак орустардын козголоңу басылган. Партия м-н Совет өкмөтүнүн жумушчуларга, дыйкандарга «Октябр-дын жеңиштерин коргоп калуу үчүн көтөрүлгүлө!» деген чакырыгына жооп катары Кыргызстандын ар түр-дүү улуттарынын жумушчулары, кедей дыйкандары Кызыл Гвардия отряддарына, кийинчерээк Кызыл Ар-миянын катарына өз ыктыяры м-н өтүшкөн. Кыргыз-станда Кызыл Гвардия отрядын биринчилерден болуп Кызыл-Кыя шахтёрлору түзүшкөн. Большевик И. И. Ед-ренкин командирлик кылган бул отряд 1918-ж. фев-ралда Кокон автономиячыларынын козголоңун талка-лоого активдүү катышкан. 1918-ж. янв. — февралда Пишпек м-н Токмокто да Кызыл Гвардия отряддары түзүлгөн. Пишпек уездинде отряддарды түзүү 1917-ж. 31-декабрдагы митингиде эле башталган. Февралда бийлик Советтерге өткөндөн кийин Кызыл Гвардияга жазылуу жарыяланып, 1918-ж. мартта андагы кызыл гвардиячылардын саны 200дөн ашып кеткен. Отряддын командири адегенде А. Гончаров, кийин Я. Н. Логви-ненко болгон. Токмок Кызыл Гвардия отряды февра-да түзүлгөн (уюштургандар — большевиктер Ф. Дубо-вицкий, Н. Киселёв, Н. Полянский). Кызыл Гвардия отряддарындагы алгачкы ыктыярдуулардын катарында Н. Погорелов, М. Денисюк, Ж. Саадаев, И. Токбаев, П. Жора, С. Булавин, И. Кобоков, С. Каралаев, Д. Аки-менко, В. Мусин, В. Красиков, Н. Рощин, С. Машанло, С. Ашырбаев, Я. Дьяченко, И. Сарыбаев, С. Боков, С. Арабаев, Д. Журавлев, В. Гузий, Ж. Балтабаев ж. б. сыяктуу ар түрдүү улуттардын жумушчулары м-н дыйкандары киришкен. Кыргызстандын Кызыл Гвар-дия отряддары кедей дыйкандарды кулактардан кор-гошуп, контррев-ячыл козголоңдорду басышып, алар бир нече ирет Ташкенге жардамга барышкан. Кийин сов. Пишпек полку болуп кайра түзүлгөн Пишпек от-ряды Я. Н. Логвиненконун командирлиги астында Түн. Жети-Суу фронтунда Совет бийлигин каармандык м-н коргоп, күжүрмөн даңкка белонгон. Рев-яның жеңиш-терин коргоо ишине, о. эле сов. соттор, тергөө комис-сиялары ж-а рев-ячыл трибуналдар да кызмат өтөшүп, бул иштерге жерг. калктын өкүлдөрү да тартылган. 1918-ж. мартта Пишпек уездинин рев-ячыл трибуна-лындагы 6 адамдын үчөө, тергөө комиссиясындагы 4 адамдын үчөө кыргыз болгон. Бул Комиссиянын бар-дык мүчөлөрү (Г. Безбородов — председатели, К. Сары-кулаков, И. Худайбергенов, И. Кобоков) большевиктер, Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчүлөр болуш-кан.

Совет бийлигинин — пролетариат диктатурасынын бе-кем таянычы көп улуттуу эмгекчилер м-н алардын уюмдары болгон. Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстанда мурдатан иштеп келишкен жумушчу профсоюздары чындалып өнүккөн. Алар: Пишпектеги Жумушчулар м-н кол өнөрчүлөр союзу, Оштогу Жу-мушчулар союзу, Мусулман жумушчулар м-н чайры-керлер союзу, тоо-кен жумушчуларынын шахтёрдук профсоюзу ж-а жаңыдан түзүлө баштаган тармактык профсоюздар. Мурдагы «Букара» союзу 1918-ж. майда «Кыргыз пролетарийлеринин союзу» делип кайра уюшулуп, Пишпек уездинин болуштуктарында актив-дүү иш жүргүзгөн. Окт. рев-ясы тарабынан азаттык-ка чыгарылган эмгекчи кыргыз аялдары өз укуктарын чечкиндүү коргоо м-н турмуш тиричиликтеги реакция-чыл үрп-адаттарга каршы күрөш жүргүзгөн. Буга Пиш-пек уездинде түзүлгөн «Эмгекчи аял» союзу, «Мусулман кыз-келиндердин союзу» сыяктуу коомдук-саясий ж-а өндүрүштүк уюмдар чоң жардам көрсөтүшкөн. Кыргыз-стандын саясий, чарб.-маданий турмушунда маанилүү ролду сов. жаштар ж-а алардын лениндик уюму — ком-сомол ойногон.

Экономиканын соц. укладын түзүүдө өндүрүшкө ж-а азык-түлүк болуштүрүүгө жумушчу көзөмөлүн кирги-зүү, жерди, банктарды, о. ж-ды, транспортту, соода фирмаларын ж. б-ды мамлекеттештирүү сыяктуу иш-чаралар чечүүчү маанеге ээ болгон. 1917-ж. ноябрь — 1918-ж. марттa крайлык өкмөт тарабынан өндүрүшкө жумушчу көзөмөлү киргизилип, буржуазиянын пахта запастары конфискацияланган; пахта ишканалары, нефть промыселдери, таш көмүр кендери, о. эле транспорт ж-а банктар мамлекеттештирилген. Кыргызстан-да Кара-Суу пахта тазалоо з-дунун жумушчулары 70 вагон таза пахтаны, 6 000 пуд пахта сырьёсун, 3 000 пуд чигитти көзөмөлгө алышып, 1918-ж. мартта завод, ушул эле мезгилде Кызыл-Кыя, Сүлүктү көмүр кендери да мамлекеттин карамагына өткөн. Кызыл-Кыя кенин башкаруу үчүн И. И. Едренкин башында турган башкаруучу комиссия шайланган. Чүйдөгү сугат курулу-

шун башкаруу болсо Совет бийлигинин биринчи күндөрүндө эле эмгекчилердин колуна өткөн. Буржуазияга каршы бир кыйла кеңири масштабдагы чабуул финансы тармагында жүргөн. Совет мамлекетинин экономикасын бүлүндүрүү максатында буржуазия банктарга салган акчаларын кайра алып, алардын ишине саботаж жасаган. Совет бийлиги өлкөнү толук бүлүнүүдөн сактап калуу максатында банктарды мамлекеттештирип, ири өлчөмдөгү аманат акчаларды мурдагы ээлерине берүүнү токтоткон; сыртқы заёмдорду жокко чыгарып, ал гана эмес, ири буржуазияны банктардагы акчаны толуктоого милдеттендирген. 1918-ж. жаз ж-а жай айларында, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстандын бардык уезддеринде да Мамлекеттик элдик банктын бөлүмдөрү ачылган. Булар аркылуу Кыргызстан бирдиктүү сов. чарба системасына кошулган. Кыргызстандын мамлекеттештирилген банктары, о. ж. ишканалары, бүт өлкөдөгүдөй эле соц. экономиканын ж-а өндүрүштүн соц. мамилелеринин негизин түзгөн. Бүлүндөн кутулуп, соц. укладды чыңдоо максатында бүткүл чарб. турмушту жетектөө үчүн бардык жерлерде Эл чарба советтери түзүлө баштаган.


Соц. курулуш ишинде В. И. Лениндин «Совет бийлигинин кезектеги милдеттери» деген эмгеги жетекчиликке алынган. Тезистер түрүндө жазылган бул эмгекти ББАК көрсөтмө катары өлкөнүн бардык Советтерине, а. и. Кыргызстанга да жиберген болучу. Партиянын ж-а Совет өкмөтүнүн жетекчи көрсөтмөлөрү эмгекчилер тарабынан кызуу колдоого алынып, Совет бийлигинин милдеттери ж-дөгү лениндик жоболор Кыргызстандын Советтеринин ишине багыт берген.

Кыргызстанда Совет бийлигинин алдында турган эң маанилүү проблемалардын бири агрардык маселе болгон. Падышачылыктын түшунда жерг. бай-манаптардын жардамы м-н дыйкандардын көптөгөн жакшы жерлери тартылып алынган. Ал жерлердин кыйла бөлүгү бай-манаптардын колунда болгон. Кыргызстандын дыйкан чарбасынын ж-а жалпы эле а. ч-сынын андан аркы өнүгүшү колониялык жер эзелөөнү жок кылууну талап кылган. Бул үчүн жерди дыйкандарга кайтарып берип, кыргыз айылдарында соц. кайра курууга шарт түзүү зарыл эле. Жер ж-дөгү лениндик декреттин негизинде жерге өтө муктаж, жерсиз ж-а аз жердүү дыйкандар жер м-н токтоосуз камсыз кылынган. 1918-ж. апр.—июнда Пржевальск уездинин бир катар кыргыз болуштуктарына 80 миң теше жер берилген. О. эле жер реформасын жүргүзүүгө карата да чаралар көрүлгөн. Совет бийлигинин агрардык иш-чараларына колониячыл элементтер, солчул эсерлер ж. б. контррев-ячылар каршылык көрсөтүшкөн. Бул маанилүү маселени чечүүгө уруулук түзүлүштүн калдыктары да, жерди пайдалануудагы чаташтыруулар да чоң тоскоолдук кылган. Жер ж-дөгү лениндик декреттин турмушка ашырылышы Кыргызстандагы жер мамилелеринин түп тамырынан бери өзгөрүшүнө, ар түрдүү улуттардын эмгекчилеринин жакындашуусуна түрткү болгон. Көптөгөн кыргыз ж-а орус дыйкандары бири бирине өз ара жардам көрсөтүү м-н жалпы бир кыштакка отурукташа башташкан. Совет бийлигинин агрардык иш-чаралары а. ч-сын калыбына келтирүүгө гана эмес, аны соц. кайра курууга да багыталган болучу. Себеби бул иш-чаралар башынан эле социалисттик багытты көздөп жүргүзүлгөн. Буга Кыргызстандын бир катар уезддеринде «Новая эра», «Новая жизнь», «Аламүдүн» совхозу, жылкы заводдору сыяктуу бир катар коммуналардын уюштурулушу далил. Кыргызстандагы соц. курулушта «Түркстанда ирригациялык иштерди уюштуруу жөнүндөгү» (1918, май) лениндик декрет зор мааниге ээ болуп, ал б-ча Чүй сугат курулушуна 1918-ж. 3 млн сом бөлүнүп берилген. Совет бийлиги айыл кедейлерин партиянын, Совет өкмөтүнүн, жумушчу табынын айланасына баш коштуруп, кулактарга каршы күрөшкө көтөргөн. 1918-ж. жайында соц. рев-я айыл-кыштактарда кеңири кулач жайган. Совет бийлиги жумушчу табы м-н кедей дыйкандардын союзуна таянып, кулактардын азык-түлүк саясатына каршы чыгууларын баскан, жумушчулар м-н кедей дыйкандарды ачарчылыктан сактап калуу үчүн бардык чараларды көргөн. Кыргызстан кедейлери большевиктер партиясынын жетекчилиги м-н кедейлер комитеттерин түзүшүп, кулактарга, алардын талапкерлери — солчул эсерлерге каршы күрөшүү м-н Совет бийлигин чыңдашкан.

Партиянын өлкөдө, а. и. Кыргызстанда жүргүзгөн маданий курулуш, эмгекчилер арасындагы саясий-тарбиялык иштери Совет бийлигин чыңдоодо өтө зор мааниге ээ болгон. Капитализмден социализмге рев-ячыл жол м-н өтүүнүн кадиксиздиги ж-дөгү, ар түрдүү улуттардын ж-а элдердин эмгекчилеринин тең укуктуу эркин союзуна негизделген тапсыз коомду түзүү ж-дөгү марксизм-ленинизм идеялары Улуу Октябрдын жеңиши м-н иш жүзүнө ашкан.

Улуу Окт. Кыргызстанды ж-а кыргыз элинин турмушун түп тамырынан өзгөрттү. Бул ж-дө Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин биринчи секретары Т. Усубалиев Улуу Окт. соц. рев-ясынын 60 жылдыгына арналган докладында көрсеткөндөй, рев-ячыл кайра куруулардын бардык жылдарында өлкөбүздүн бардык элдери м-н бирге кыргыз эли да Лениндин жолу м-н, Октябрдын жолу м-н жүрүп отурду. Улуу Окт. рев-ясы улуттук эзүүнүн ж-а феод. эксплуатациянын чынжырын үзүп салды. Кыргызстандын эмгекчи массаларын жакырчылыктан, карангычылыктан ж-а саясий укуксуздуктан куткарып, аларды саясий, экон., социалдык ж-а маданий прогресстин кең ж-а жарыкраган жолуна алып чыкты. Ал кыргыз элине өзүнүн кубаттуу чыгармачылык күчтөрүн ачып көрсөтүүгө ж-а бир кыйла кыска тарыхый мөөнөттө бүтүндөй дооруну аттап, феодализмден социализмге өтүүгө мүмкүндүк берди.

А. Г. Зима



ДЕКРЕТ

ОБ АССИГНОВАНИИ 50 МИЛЛИОНОВ РУБЛЕЙ НА ОРОСИТЕЛЬНЫЕ РАБОТЫ В ТУРКЕСТАНЕ И ОБ ОРГАНИЗАЦИИ ЭТИХ РАБОТ

Отпустить из общеассигнуемой суммы 26 770 000 руб, причитающихся на первую треть (май, июнь, июль), в срочном порядке, из которых 3 000 000 рублей перевести на Пишпекское казначейство Семиреченской области в распоряжение Начальника Работ по орошению долины реки Чу, 1 000 000 рублей на Ташкентское казначейство в распоряжение Заведующего постройкой Голодностепского цементного завода у станции Хилково, 9 000 000 руб. на Московское казначейство и 13 770 000 рублей на Ташкентское казначейство в распоряжение Коллегии Управления ирригационных работ.

Председатель Совета Народных Комиссаров
В. Ульянов (Ленин)

17 мая 1918 г., Москва

Түркстанда сугат иштерине акчалай жардам берүү жөнүндө ЭКСтин декрети. 1918, 17-май.

Түркстан Компартиясынын 1-съездинин делегаттары. Ташкен. 1918, 17—25-июнь.



ГРАЖДАНДЫК СОГУШ

Өлкөбүздүн элдерине, эмгекчилердин демократиясына негизделген жаңы турмушту курууну зор перспективасын ачып берген Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши кулатылган эзүүчү таптардын ж-а империалисттик мамлекеттердин, айрыкча падышалык Россияны пайда табуунун эбегейсиз булагы катары пайдаланып келишкен Англия, Франция, Япония, АКШ империалисттеринин кутургандай кыжырлануусун туудурган. В. И. Ленин кулатылган эзүүчү тап бийликти эч качан өз эркимен бербей тургандыгын, пролетариат диктатурасын кулатууга ар түрдүү жолдор ж-а айла-амалдар м-н аракет кыларын көрсөтүп, «Тарыхта бир да улуу революция граждандык согушсуз болгон эмес»,— деп жазган (Чыг., кырг. 1-бас., 26-т., 112-б.).

Окт. рев-ясы капиталисттик системага олуттуу сокку урду. Капиталдарынан, заводдору м-н фабрикаларынан (Совет бийлиги аларды мамлекеттештирген) ажыраган империалисттер Россияда буржуазиялык-помещиктик мурдагы түзүлүштү калыбына келтирүү, улуттук четжакаларда контррев-ячыл өкмөттөрдү түзүү, өлкөдө өздөрүнүн колониялык үстөмдүгүн орнотуу үчүн аянбастан аракеттенишкен. Чет элдик интервенттер ж-а граждандык согушту баштаган контррев-ячыл күчтөр жаңы Совет мамлекетине каршы бирдиктүү фронт м-н чыгышкан. Империалисттердин планында Сов. Россияны курчап алып кыйратуу үчүн улуттук чет-жакаларды плацдарм катары пайдалануу белгиленген. Ушундай плацдармдардын бири катары Түркстан крайы эсептелип, англиялык-американдык империалисттердин О. Азияны басып алуу б-ча планында аны составына кирген Кыргызстанга чоң маани берилген. Анткени, ал Кытай м-н чектешип, империалисттер өз капиталдарын жайгаштырган Индия м-н Афганстанга жакын турган. Түркстанды басып алуунун алар үчүн мындан башка да пайдасы бар болчу: край табигый ресурстарга бай келип, бул тараптан Россияны курчоо оңтойлуу эле. Түркстанда Совет бийлигин жоюу рев-ялык кыймылдын Чыгыш өлкөлөрүнө таралышына бөгөт болмок.

Жаңы Совет өлкөсүнүн, а. и. Түркстандын да эмгекчилери ачарчылык м-н бүлүндүн оор шартында В. И. Ленин баштаган Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н рев-ячыл жеңиштерин коргоп калуу үчүн көтөрүлгөн. Түркстандын бардык фронтторунда (алардын экөө — Ферғана ж-а Жети-Суу фронттору Кыргызстанга тикеден тике тиешелүү болгон) эки жылдан ашык убакыт бою контррев-ячыл бириккен күчтөрүнө каршы айгышкан күрөш жүргөн. Кыргызстандын эмгекчилери бүткүл крайдын эмгекчилериндей эле ички ж-а тышкы контррев-яны талкалоого активдүү катышкан. Кызыл Армиянын ыктыярдуу отряддарына ж-а бөлүктөрүнө орус, кыргыз, өзбек, казак ж. б-лар киришкен. 1918-жылдын жайы м-н күзүндө Верныйда ж-а Пржевальскиде Жоо аскерлердин верныйлык 12-полку ж-а Жоо аскерлердин жети-суулук 3-полку түзүлгөн. Пишпекте эки батальон түзүлүп, Жети-Суу фронтуна жөнөтүлгөн. Алардын бирөө толуктоолордун эсебинен Я. Н. Логвиненко командирлик кылган сов. 1-Пишпек полку болуп кайрадан түзүлгөн. Кийинчерээк Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүдө да күжүрмөн жумушчу отряддары (командирлери В. Я. Хрипченко м-н З. Кадыров) түзүлгөн. Атаман Дутовдун бандалары Оренбург ш-н экинчи жолу басып алган соң (1918, 13-июль), Түркстан Сов. Россиядан бөлүнүп калган. Контррев-ячылардын бул ийгилиги алардын бүт край б-ча активдешүүсүнө алып келген. Ашхабад м-н Кызыл-Арватта Совет бийлиги кулатылып, Иранда турган англиялык аскерлер Закаспий аймагына киргизилген. Сибирдин ак гвардиячылары Семейди басып алып, Жети-Сууга чабуул баштаган. Бул чабуулду кулак төбөлдөрү м-н офицерлер колдошуп, казак орус станицаларынын көбүндө козголоңдор чыгарышкан. 1918-ж. июлда Оренбург, Закаспий, Жети-Суу фронттору түзүлгөн. Ички ж-а тышкы душмандардын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында Сов. Түркстан 1918-жылдын ортосунда фронттордун кысымында калган. РКП(б) БК, Совет өкмөтү Түркстандагы окуялары өтө кунт коюп байкап, Түркстан аскер округуна 14 миң мылтык, 1 миң револьвер, 2 миң кылыч, 6 миң канжар, 300 пулемёт, 20 бомба ыргыткыч, 20 млндон ашык патрон жөнөтүлгөн. Курал-жарак жагынан мындай жардам бир нече ирет уюштурулган. 1918-ж. июлда басмачы бандалары Ош ш-н басып алууга аракет кылышкан. Бирок Ферганалык 1-полктун Ошту күзөткөн 70 ыктыярдуу жоокери шаардык калктын колдоосу м-н Анжияндан аскердик бөлүктөр жардамга келгенче аны коргоп турган. Басмачылар чегинип, качып кетүүгө үлгүргөн. Ийгиликсиз аяктаган бул окуядан кийин басмачы бандаларын улутчул буржуазиянын ж-а чет элдик империалисттердин койгон адамы Мадаминбек башкарган.

Түркстан Коммунисттик партиясы ж-а өкмөтү басмачыларга каршы күрөштү уюштуруу б-ча чукул иш-чараларды кабыл алган. Ферғана обл-ныи эмгекчи калкын армияга тартуу б-ча зор иштер жүргүзүлгөн. Басмачыларды кыйратууда Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Чимион ишканаларынын ж. б. элдүү пункттардын жумушчуларын м-н ыктыярдуу отряддары зор салым кошушкан. Жумушчу отряддары өздөрү уюшулган жерлерде гана эмес, Үч-Коргон, Исфана, Караван, Кара-Булак аймактарында да басмачыларга каршы салгылаштарга катышкан. Жерг. калк колдобогондуктан басмачылардын ыктыярдуу отряддары кыйратуу үчүн жасаган көп сандаган аракеттери оңунан чыкпай калган.


Контррев-яныи Түркстандын бардык жеринде чыгышы Түн. Кыргызстандагы кулак элементтердин да активдешүүсүнө түрткү болгон. 1918-ж. августта Олуя-Ата уездинин Дмитриевка (азыркы Талас ш.) кыштагынын кулактары куралдуу отряд түзүп, козголоң чыгарышкан. Дмитриевкалык кулактар Пишпек уездиндеги Ак-Суу кыштагынын кулактары м-н макулдашып аракеттенишкен. Ташкендеги контррев-ячыл жашырын борбордун планы б-ча 1918-жылдын аягында козголоң жалпы башталып, Талас өрөөнү м-н Пишпек уездинде



Басмачыларга каршы күрөшкөн Жалал-Абад отряды. 1919.

Совет бийлиги жок кылынууга тийиш эле. Бирок бул пландыишке ашыртпай, Черняевдин (Чымкент) отряды козголоңду баскан. 1918-ж. сентябрда Түп. Жети-Суу фронтунда ак гвардиялык ж-а алаш ордолук отряддар чабуулга өтүшкөн. Жети-Суунун бардык уездеринен ташылып түрдө областтын борбору — Верный ш-на Кызыл Армиянын отряддары жөнөтүлгөн. Бул салгылаштарда Я. Н. Логвиненко командирлик кылган Сов. 1-Пишпек полку өзгөчө баатырдык көрсөткөн. Полктун ийгиликтүү аракетинин натыйжасында казак орус станицасы — Ак-Суу алынган. Андан кийин полк верныйлык отряд м-н өз ара байланышта аракеттенип, Абакумовский кыштагын ээлеп, анда коргонууну уюштурган. Салгылаштарга Т. Кулманбаев, И. Төлобаев, И. Сарсенбаев, А. Төлогонов, О. Талыбаев, О. Данияров, Н. Кадыров, А. Мамырканов сыяктуу көптөгөн кыргыз, казак жоокерлер катышкан. Ж. Садаевдин командасындагы атчандар баатырдык м-н салгылашкан. Ак гвардиячылардын чабуулу токтотулган. Ошол эле убакта Ош уездинде ж-а Жалал-Абад аймагында басмачы бандалары кайрадан баш көтөрө баштаган. Чет элдик империалисттер тарабынан күчтүү колдоого алынган басмачы кыймылы олуттуу коркунучту туудурган. Басмачылар адамдарды өлтүрүп, чарбаларды бүлдүргөн; сугат системаларын кыйратышып, нефть мунараларын, заводдорду оттошкон, пахта ташууга, эгин даярдоого тоскоолдук кылышып, малды айдап кетип турушкан. Жерг. калк аларга каршылык көрсөтүшкөн. Мис., Түп. Кыргызстандын Лейлек, Өзгөн, Сару, Нанай, Ак-Суу ж-а Араван-Буура болуштуктарынын кедейлери элдүү пункттарга, жыйналып жаткан эгинге басмачыларды жолотпой, кайтарып турушкан.

Түркстан АССРинин Фергана обл-нда бай-манаптар, кожо-молдолор тарабынан колдоого алынып, англиялык ж-а американдык куралдар м-н жабдылып, чет элдик адистер уйроткон басмачы бандалары өз аракеттерин активдештиришкен. Түш. Кыргызстанда күчтөө баштаган басмачылардын көп сандаган бандалары элди талап-тоноп, ырайымсыздык көрсөтүшкөн. Алардын эң ирилери Эргештин, Кал-Кожонун, Мойдундун, Коршерматтын отряддары болуп, алар негизинен кулатылган эзүүчү таптардын өкүлдөрүнөн ж-а таптык мүнөзүнөн ажырап калган элементтерден турган. Кызыл Армиянын бөлүктөрүнө жетекчилик кылууну жакшыртуу максатында Фергана обл-нда Фергана фронтунун оперативдүү штабы түзүлгөн (1918, ноябрь). Абал Түп. Кыргызстанда да кыйындаган. Советтердеги солчул эсерлер Советтердин ишин үзгүлтүккө учуратуу үчүн



күрөштү күчөтүшкөн. Большевиктер буга жооп иретинде алар м-н кызматташууну токтотушуп, рев-янын ишн үчүн бардык жоопкерчиликти өз мойндарына алышкан. Саясий күрөштө жеңилген солчул эсерлер Совет бийлигине каршы куралдуу чыгууларды уюштурууга киришкен. Алар Ак-Суу кыштагында «Элдик аскер совети» деген түзүшүп, анын программасында буржуазиялык Убактылуу өкмөттү калыбына келтирүү белгиленген. Козголоңчулар эсерлер партиясынын саясаты м-н эсептешүүнү, Ак-Суу участкасын автономия уезд катары болүүнү талап кылышкан. Пишпектин большевиктери козголоңду басууга жетекчилик кылуу үчүн аскердик-саясий штаб түзгөн. Мобилизация жүргүзүлүп, ар түрдүү улуттардын кедейлеринен 484 кылтыярдуу чогулуп, алардан бир нече отряд уюшулган. 6-декабрда козголоңчулар партиялык, сов. кызматкерлерди ж-а кедейлерди жазалашып, Пишпекти басып алууга даярдана баштаган. 14-декабрда алар шаарга кирип келишип, анын батыш тарабын ээлешкен. Бирок кызыл аскерлердин бекем коргонуусуна дуушар болуп, андан ары жыла алышкан эмес. Ошондо эсерлер 300 атчандан турган отрядды Ала-Арча капчыгайы аркылуу Пишпекти айланып өтүүгө жөнөткөн. Алар 16-декабрда Попеновка хутору жактан сокку урушкан. Курчоодогу Пишпек оор абалда калган. Шаарды коргогон отряддарга Түп. Жети-Суу фронтунан Я. Н. Логвиненко командирлик кылган сов. 1-Пишпек полку жардамга келген. Ага удаа Жети-Суу фронтунун командачысы Л. П. Емелев келген. 28-декабрда эмгекчилер м-н сов. 1-Пишпек полку контррев-ячыл козголоңду жойгон. 1918-жылдын аягы — 1919-жылдын башында душмандарга чечүүчү сокку бүткүл өлкө б-ча урулган. Заговорлорду ачуу, козголоңдорду басып, алардын уюштуруучуларын камакка алуу контррев-ячылардын антисов. козголоңдорду дароо бир нече жерде уюштуруп, Антанта даярдап жаткан жортуулга бирге катышуу пландарын бузган.

Совет бийлигинин душмандары пландарын тез өзгөртүүгө мажбур болгон. Ашкереленип калуудан коркконзаговорчулар Ташкенде контррев-ячыл козголоңду белгилеген мөөнөтүнөн (1919, 21-янв.) мурда чыгарышкан. Бирок Ташкендин эмгекчилеринин, коңшулаш шаарлардан жардамга келген жумушчу отряддарынын күчү м-н козголоң басылып, Түркстанда Совет бийлигин жоюу планы үзгүлтүккө учуратылган. Мында Кыргызстандын эмгекчилеринин да чоң үлүшү бар.

1919-ж. жазында Граждандык согуштун жүрүшүндө Совет бийлигинин пайдасы үчүн өтө маанилүү бурулуш болду. Буга Кызыл Армиянын, Сов. Россиянын ички ж-а тышкы душмандары м-н жүргүзүлгөн салгылаштарда чечүүчү жеңиштерге ээ болуусунун натыйжасында жетишилген. Мында РКП(б)нин 8-съездинин (1919, 18—23-март) чечимдери зор роль ойногон. Съезд армияда коммунисттердин ролун күчөтүүнүн зарылдыгын көрсөтүп, партияны ж-а бүткүл эмгекчилерди контррев-я Россиянын «жогорку өкүмдары» деп эсептеген ж-а өлкөгө эбегейсиз чоң коркунуч туудурун турган Колчакка каршы күрөшкө чакырган. Кыргызстандын большевиктери съездин чечимдерине ылайык жерг. дыйкандар м-н келгин орто дыйкандардын арасында кеңири түшүндүрүү үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Бул чаралардын натыйжасында алардын көбү Кызыл Армияга өтүшкөн. Пишпек, Токмок, Пржевальск ж-а Нарын уезддеринин партиялык уюмдары өздөрүнүн мүчөлөрүнүн теңин Жети-Суу фронтуна жөнөткөн. Сов. аскерлердин саны 1919-ж. жазында Пишпекте 785, Токмокто 300, Пржевальскиде 562, Нарында 110 адамга жеткен. 1918-ж. 15-сентябрда жогоруда аталган жерлердеги кызыл аскерлердин саны 350, 104, 152, 45 болгон.

Ушул мезгилде Кыргызстандын түн.-чыгыш бөлүгүнө контррев-ячыл күчтөрдүн уюгуна айланган Кытайдын Синьцзян провинциясы тараптан коркунуч туулган. 1919-ж. июлда ак гвардиячыл отряддар Жаркент, Пржевальск уезддерин басып кирип, убактылуу ийгиликке ээ болгон. Демченконун отряды Түп кыштагын ээлеп, анын тегерегиндеги кулактардын эсебинен толукталып, Пржевальск ш-н курчоого алган. Ушул эле убакта Кетмен-Төбө аймагына басмачылардын кирип келиши абалды ого бетер татаалдантkан. Буларга каршы М. И. Черновдун отряды жөнөтүлгөн. Бирок басмачылар элди талап алып, салгылаштан качып, кайра Ферганага ооп кетишкен. Үч тарабынан курчалган Пржевальск үчүн салгылаш 5 күн бою созулуп, Токмок отрядының, о. эле М. Н. Кравцов, А. Н. Почкаловдун отряддарынын келиши м-н абал дароо өзгөргөн. Ак гвардиячылар үстөкө-бостон сокку жеп, көп жоготууга учурап, тоону карай чегинип, көп узабай биротоло талкаланган. 1919-ж. күзүндө Түркстан фронтунун аскерлери генерал Белов баштаган Колчактын тандамал армиясын талкалап, эң сонун жеңишке ээ болгон. 13-сентябрда Мугалжар разъездинде Түркстан фронтунун 1-армиясынын аскерлери м-н Түркстан респ-касынын аскерлери кездешип, натыйжада Россия м-н Түркстандын ортосундагы жол кайрадан ачылган.

Совет өкмөтү Түркстан респ-касынын элдеринин ички контррев-ячыл күчтөрго ж-а интервенттерге каршы күрөшүнө жардам берүү максатында Түркстан фронтун түзүп (1919, 14-авг.), анын командачысы болуп М. В. Фрунзе дайындалган. Бул фронттун согуштук күчүн чыңдоо максатында составына бир катар кызыл армиялык бөлүктөр, а. и. Волга боюндагы татар аткычтарынын 1-бригадасы киргизилген. РКП(б) БК, Совет өкмөтү партиялык-сов. иштерди чыңдап, лениндик улут саясатын ишке ашыра баштоо үчүн 1919-ж. октябрда Түркстанга ББАКтын ж-а РСФСР ЭКСинин комиссиясын (Туркомиссияны) жиберген. Борбордон келген коммунисттер крайда коомдук турмуштун бардык жактарында соц. кайра куруулардын партиялык принциптерин бекемдөө б-ча Түркстандын эмгекчилерине жардам көрсөтүшкөн.

Туркомиссия, Түркстан Коммунисттик партиясы ж-а Түркстан БАКы жүргүзгөн эбегейсиз зор иштердин, Кызыл Армиянын ийгиликтеринин натыйжасында Жети-Суудагы согуштук-саясий абал ж-а согушуп жаткан жактардын күчтөрүнүн өз ара салмагы өзгөргөн. 1920-жылдын ортосунда бул областтын аймагынын көпчүлүк бөлүгү ак гвардиячылардан тазаланып, андагы аскер бөлүктөрү басмачылар м-н согушуу үчүн Фергана фронтуна жөнөтүлгөн. 1919-ж. авг.— сентябрда басмачылар өтө күчөгөн. Фергана обл-нда Совет бийлигин кулатууга жанталашкан Мадаминбектин бандалары м-н Монстровдун кулак-дыйкандар армиясынын биригишн өзгөчө коркунуч туудурган. Сан жагынан Кызыл Армиянын бөлүктөрүнөн бир кыйла көптүк кылган Мадаминбек м-н Монстровдун бандалары Ош ж-а Жалал-Абад ш-ларын басып алып, Ош — Анжиян участкасындагы аскерлердин штабы жайгашкан Анжиянга чабуул коюшкан. Составында аз сандагы гарнизон, партиялык коштун ж-а жумушчу отряддары болгон Анжияндын коргоочулары партиянын Г. М. Бильдин баштаган уездик комитетинин жетекчилигинде бекем коргонууну уюштурушкан. Душман саны 6-ча анжияндыктардан бир нече эсе көптүк кылган. Бирок көп өтпөй Кызыл Армиянын бөлүктөрү, а. и. Закаспий фронтунун Казан полку коргонуучуларга жардамга келишкен. Эки күнү салгылашкандан кийин душман катуу талкаланган. 26-сентябрда Ош, андан 4 күндөн кийин Жалал-Абад бошотулуп, Совет бийлиги кайра калыбына келтирилген. Анжияндын жанында кыйратылган басмачы-кулак бандаларынын калгандары Гүлчө м-н Эркеч-Тамдын чек ара аймактарына келип бекинип, бул жактан кол салып турушкан. Гүлчө, Өзгөн ж. б. жерлерде басмачыларга сокку урулган. 1920-жылдын башында Монстров туткундалып, кийинчерээк Мадаминбек да колго түшүп берген.

1920-ж. жазында ж-а жайында Антантанын жаңы жүрүшүнө байланыштуу басмачылардын кыймылы кайрадан жандана баштаган. Алар Кызыл-Кыя, Сүлүктү



«Басмачыларга каршы күрешкен Эмгек Баатырына» значогу.

кендерин иштен чыгарууга, пахта айдоолорун бүлдүрүүгө аракет кылышкан. Басмачыларды талкалоодо М. В. Фрунзенин Түркстан элдерин Кызыл Армияга мобилизациялоо ж-дө 1920-ж. 7-майдагы буйругу чоң маанеге ээ болгон. Бул О. Азия элдеринин тарыхындагы биринчи мобилизация болуп, Кызыл Армиянын кубаттуулугун кыйла күчөткөн. Памир-Алайга бекинип алышкан басмачыларга каршы чабуул 1920-ж. майдын аягында М. В. Фрунзенин жетекчилиги м-н башталган. Бул аймактагы басмачыларды кыйратуу милдети чех Э. Ф. Кужело командирлик кылган Интернационалдык 2-полкко тапшырылган. Салгылаштарда С. Күчүков командирлик кылган Кыргыз дивизиону өзгөчө эрдикти көрсөткөн. Басмачыларга каршы жерг. элдин кеңири катмарлары да күрөшүп, натыйжада 1920-ж. июнь — августта аларга бир катар катуу соккү урулган. 2-сентябрда Түркстан аймагындагы контрев-ячыл күчтөрдүн акыркы тиреги — Бухара эмирдигинин залим режими кулатылган. 1920-ж. күзүндө басмачылардын негизги күчтөрү кыйратылып, ал эми кээ бир майда шайкалары болсо 1923-жылга чейин жок кылынган.

1920-жылдын аягында контррев-я Түп. Кыргызстанда Совет бийлигин кулатуу үчүн акыркы аракетин жасаган. Ноябрдын 5инен бсына караган түнү Нарын уездинин бай-манаптары м-н кулактары козголоң чыгарышып, ага мурдагы падыша офицери Д. Кирьянов башчылык кылган. Большевиктер козголоңду басуу б-ча чечкиндүү чара көргөн. Пржевальскидө 182 коммунист (теңи кыргыз) шашылыш мобилизацияланган. Козголоңду басуу б-ча Токмокто атайын штаб түзүлгөн. Пишпектен козголоңду басуу үчүн шаардын коммунисттери м-н комсомолдорунан түзүлгөн өзгөчө полк ж-а түркмөндөрдүн 2-полку жөнөтүлгөн. Жүргүзүлгөн чаралардын натыйжасында ноябрдын аягында бүткүл Нарын уезди козголоңчулардан тазаланып, Совет бийлиги калыбына келтирилген. Ошентип, интервенттер м-н ички контррев-яның бизден өлкөбүздө, а. и. Кыргызстанда Совет бийлигин кулатууга жасаган бардык аракеттери толук ойрондолуп, жаш Совет бийлиги жеңишке ээ болгон. Граждандык согуш аяктагандан кийин Совет бийлигинин алдына эл чарбасын кайра калыбына келтирүү милдети коюлган.

К. Токтомушев

КЫРГЫЗСТАН ЭЛ ЧАРБАСЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ

Граждандык согуш бүткүл өлкөнүн экономикасына өбегейсиз зор зыян келтирген. Кыргызстандын да эл чарбасынын бардык тармагы аябай жапа чегип, малдын саны дээрлик теңме-тең азайып, айдоо аянттарынын бир кыйла кыскарышынын кесепетинен дан эгиндеринин түшүмүнүн жыйымы төмөндөгөн. Ө. ж. пшеналарынын айрымдары гана үздүк-создук иштеп турган. Өлкөдөгү, а. и. Кыргызстандагы чарб. бүлгүндү жоюп, эл чарбасын калыбына келтирүүдө жаңы экон. саясатка өтүү чоң маанеге ээ болгон. Бул Коммунистик партиянын даанышмандык м-н кабыл алган чечими болчу. НЭП кыргыз айылдарынын социалдык-экон. өнүгүү процессин тездеткен. Артта калган агрардык чет-жакаанын бири Кыргызстан үчүн НЭПке өтүүнүн өзгөчө мааниси болгон: чарбанын патуралдык уклады бузулуп, патриархалдык-феод. мамилелер ыдырай баштап, айыл-кыштактарда тап күрөшү курчуп, аларды советтештирүү тездетилди. Биздин өлкөбүздүн элдери чарбадагы бүлгүнгө каршы күрөштө НЭПтин зор мааниси бар экендигин түшүнүп аны колдошкон.

Кыргызстанда эл чарбасын калыбына келтирүү мезгилинде Коммунисттик партиянын ж-а Совет өкмөтүнүн жетекчилиги м-н жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Бул лениндик агрардык саясатты турмушка ашырууда маанилүү роль ойногон. Бирок реформаны ишжүзүнө ашыруу зор кыйынчылыктарга дуушар болгон. Күр жерлердин кыйла бөлүгүн дагы эле эзелеп турган бай-манаптар, кулактар реформа жүргүзүүгө тоскоолдук кылып турушкан. Реформаны натыйжалуу өткөрүү үчүн 1921-жылдын башында бардык Советтер рев-ячыл комитеттер болуп кайрадан уюштурулган. «Кошчу» союздары түзүлүп, алар жер-суу реформасын иш жүзүнө ашыруунун алдында, өзгөчө кыргыз ж-а орус кедейлерин бириктирип баш коштурууда зор даярдык иштерин жүргүзүшкөн, мунсуз реформаны ийгиликтүү өткөрүү мүмкүн эмес эле.

Жер-суу реформасынын жүрүшүндө кыргыз дыйкандары м-н орус эмгекчи дыйкандарынын достугу чыңдалган. Орус кыштактарынын эмгекчилери эгин айдоо, унаа ж-а а. ч. шаймандары жагынан кыргыз дыйкандарына жардамдашкан. Жерсиз дыйкандарга кулактар м-н байлардан конфискацияланган жердин эсебинен участкалар бөлүнүп берилген. 1923-жылга чейин 6 миңдей жалчы ж-а кедей чарба 200 миңдей теше айдоо жер ж-а жайыт алышкан. Реформа жүргүзүлгөн аймактардын көчмөн, жарым көчмөн чарбалары отурукташууга өтүп, аларга мамлекет тарабынан жер участкалары ж-а шаймандар бөлүнүп берилген.

РСФСРдин составында Кара-Кыргыз автономия областын түзүү жөнүндө ББАКтын токтомунун көчүрмөсү. 1924, 14-окт.

ВЫПИСКА

из постановления ВЦИК

от 14 октября 1924 г.

Всероссийский Центральный Исполнительный Комитет постановляет:

„...4. Во исполнение выраженной всеобщей воли рабочих, дехканских масс кара-киргизского народа, предоставить право кара-киргизскому народу выйти из состава автономной Туркестанской ССР и образовать Кара-Киргизскую автономную область в составе РСФСР".



ВЫПИСКА

из протокола № 1 заседания ПРЕЗИДИУМА Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета Советов Рабоч., Крестьянск. и Красноармейск. Депутатов

от 29 го мая 1924 года.

Слушали:

Постановили:

1.

2.

Кара-Кыргыз автономия областын Кыргыз автономия областы деп түзүү ж-дө ББАКтын 1925-ж. 25-майдагы заседаниесинин № 1 токтомунан көчүрмө.

Жер-суу реформасы Түркстанда Совет бийлигин чыңдап, патриархалдык-феод. саркындылар м-н падышалык колониялык мурастын калдыктарын жоё баштаган; дыйкандардын коллективдик эмгекке болгон ынтаасын арттырган. Кулактардан конфискацияланып алынган жерлерде коммуналар, артелдер, жерди биргелешип иштетүү б-ча шериктештиктер түзүлүп, совхоздор пайда боло баштаган. Кыргызстандын а. ч-сында соц. уклад чыңдалган. Жер-суу реформасынын түздон-түз уландысы — жерге орноштуруу ш-чарасы болуп, анын натыйжасында кыргыздардын чарбаларында пайдалануга ыңгайлуу жерлер көбөйүп, жерди иштетүү жакшыртылган, айдоо аянттары кеңейген. Кыргыз кедейлерине мамлекет тарабынан өбегейсиз чоң жардам көрсөтүлгөн: убактысынча пайдалануу үчүн (көбүнчө акысыз) а. ч. шаймандары м-н камсыз кылуу пункттары уюштурулуп, а. ч. сырьёлору, үрөн, унаа берилип турган. Сугат системалары бир кыйла жакшыртылып, ага жараша сугат аянттары да көбөйгөн. Мис., 1923-жылдын ичинде гана мурунку жылга салыштырганда пахтанын айдоо аянты 3 эсеге кеңейген.

Граждандык согуштан мал чарбасы да өтө чоң зыян тарткан. Аны калыбына келтирүүгө партия м-н өкмөт айрыкча көңүл бөлүп, мал чарба шериктештиктери, мал чарбасын өстүрүү б-ча союздар түзүлгөн. Натыйжада мал көбөйүп, согуштан кийинки 5 жылдын ичинде аның саны 34,8%ке өскөн.

Кыргызстандын РСФСРдин составында Кара-Кыргыз автономия областы (КАО) болуп түзүлүшү (1924) кыргыз элинин тагдырында тарыхый роль ойногон. Андан эки жылдан кийин (1926) ББАКтын 3-сессиясында КАО РСФСРдин составына кирген Кыргыз Автономия Сов. Соц. Респ-касы болуп кайра уюштурулган. Кыргыз АССРинин түзүлүшү мурда артта калган тоолуу четжакаларда соц. кайра куруулуарды ишке ашыра баштоого зор көмөк берди. Кыргыз элине сов. респ-калардын бир тууган элдери, айрыкча орус эли экон. зор жардам көрсөттү. Жаңы экон. саясат өлкөнүн эл чарбасын калыбына келтирүүнү 1925-ж. аяктоого мүмкүндүк берген. Жумушчу табы м-н эмгекчи дыйкандардын салсий, эмгектик активдүүлүгү жогорулаган. ВКП(б)нин 14-съезди (1925, дек.) бүткүл эмгекчилердин, бүткүл совет элинин, а. и. кыргыздардын да кызыкчылыгы үчүн социализмдин материалдык-тех. базасын түзүүгө, өлкөнү индустриялаштырууга багыт алган. Респ-канын о. ж., асыресе, анын ун тарттыруу, булгаары даярдоо, пахта тазалоо сыяктуу тармактары калыбына ийгиликтүү келтирилген. Чехословакиялык «Интергельпо» кооперациясы Пишпекти индустриялаштырууга бир туугандык баа жеткис жардам көрсөткөн. Ал респ-канын борборунда нооту фабрикасын, булгаары заводун, электр станция, механикалык ж-а жыгач устаканаларын ж. б. курган.

20-жылдардын аягында Кара-Суу пахта тазалоочу з-ду, Фрунзедеги кирпич заводу ишке киргизилген. Көк-Жаңгак шахталарында көмүр казып чыгаруу көбөйтүлүп, Ысык-Көл өрөөнүндө карагай тилүүчү заводдор курулган. Респ-канын экономикасын жогорулатууда

ИЗ ПОСТАНОВЛЕНИЯ 3-Й СЕССИИ ВЦИК


О ПРЕОБРАЗОВАНИИ КИРГИЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ В КИРГИЗСКУЮ АВТОНОМНУЮ СОВЕТСКУЮ СОЦИАЛИСТИЧЕСКУЮ РЕСПУБЛИКУ

18 ноября 1926 г.

1. Принимая во внимание общее хозяйственное и политическое значение в составе РСФСР Киргизской автономной области и национально-территориальную компактность (целостность) Киргизстана, утвердить в соответствии с волеизъявлением киргизского трудового народа, постановление президиума ВЦИК от 1-го февраля 1926 г. о преобразовании Киргизской автономной области, в существующих ее границах, в Киргизскую Автономную Советскую Социалистическую Республику, входящую как федеративная часть в состав РСФСР.

Кыргыз автономия областын Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикасы деп түзүү ж-дө ББАКтын токтому. 1926, 18-ноябрь.

«Кызыл Чыгыш» агитпоезди. 20-жылдар.





о. ж-дын жаңы объектилерин, О. Азияны, а. и. Кыргызстанды да (1924-ж. Луговой — Пишпек темир жол тармагы курулган) Урал, Сибирь м-н байланыштырган Түркстан — Сибирь темир жолунун курулушу зор мааниге ээ болгон. Ал аркылуу машиналар, станоктор, жабдуулар, металл ж. б. у. с. ташылып келип турган. Өлкөнүн борб. райондорунан Кыргызстанга а. ч. техникаларынын ташылып келиниши, алардын колдонулушу а. ч. өндүрүшүн жогорулатууга өбөлгө түзгөн. Тракторлорду пайдалануу айдоо аянтын көбөйткөн. Сугат жерлерди пайдалануу калыбына келтирилип, пахта айдоо

аянты кеңейтилген, текстиль ө. ж-н пахта сырьёсу м-н жабдуу жакшыртылган. Колхоз кыймылы уламдан улам күчөп, дыйкандардын өз турмушун коллективдүү соц. негизде кайра куруруга карата баштаган аракеттери партия, өкмөт тарабынан камкордук м-н оз убагында колдоого алынган. ВКП(б)нин 15-съездинде (1927, дек.) партия а. чарбасын коллективдештирүүгө багыт алган. Партиянын айыл-кыштактагы бул башкы милдети дыйкандардын гана эмес, бүткүл совет элинин турмуштук мүдөөлөрүнө да төп келген негизги багыт болгон.

К. Токтомушев

СОЦИАЛИСТТИК ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ

Кыргызстандагы социалисттик кайра куруулар Коммунисттик партиянын лениндик саясатын — өлкөнү индустриялаштырууну ин жүзүнө ашыруунун натыйжасы болду. Кыргызстанда азыркы замандын ө. ж. өндүрүшүнүн дээрлик болбогондугуна байланыштуу мында индустриялаштыруу милдеттерин чечүү олуттуу кыйынчылыктарга учураган. Соц. түзүлүштүн артыкчылыгы гана Кыргызстанды азыркы замандын индустриялуу өлкөсүнө айландырууга мүмкүнчүлүк берди. Россиянын мурдагы чет-жакаларында индустриялык базалардын түзүлүшү падышачылык эзип келген элдердин экон. жактан артта калуусун жоюудагы чечүүчү фактор болду. Мурдагы улуттук чет-жакалардын ө. ж-ларынын өнүгүшүнүн пйгиликтери соц. индустриялаштыруунун бүткүл өлкө б-ча жүрүшүнө ж-а анын жетишкендиктерине тыгыз байланыштуу болгон. Түркстан Коммунисттик партиясынын 6-съездинин, Түркстан АССР Советтеринин 10-съездинин чечимдерине В. И. Ленindин «...артта калган өлкөлөр алдыңкы катардагы өлкөлөрдүн пролетариатынын жардамы менен өнүгүүнүн капиталисттик стадиясынан аттап өтүп, советтик түзүлүшкө жана өнүгүүнүн белгилүү стадиясы аркылуу коммунизмге өтө алат»,— деген көрсөтмөсү (Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 260-б.) негиз кылынып алынган. Кыргызстанда бул тарыхый проблеманы ин жүзүнө ашырууда азыркы замандын ө. ж-н куруу чечүүчү ролду ойноого тийиш эле.

Эл чарбасын калыбына келтирүү мезгилинде Кыргызстанды өлкөнүн бүткүл башка райондорунан, өзгөчө өнүккөн ө. ж-луу европалык бөлүгүнөн бир катар социалдык-экон. ж-а саясий шарттар айырмалап турган. Өлкөнүн башка райондоруна караганда Кыргызстандын социалдык-экон. шартынын өзгочолугу андагы соц. укладдын кыйла начардыгы болгон. Жалпысынан Кыргызстанда патриархалдык-феод. мамилелердин калдыктары акырындык м-н жоюла баштаган агрардык-мал чарба району катары айырмаланып турган. Индустриялаштыруунун башталыш этабында Кыргызстанда негизинен пахта тазалоочу, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж-лары өнүккөн. 1926—28-ж. булгаары жасоо, пахта тазалоо, тактай тилүү заводдору, жибек түрүү ж-а нооту фабрикалары ишке киргизилген. 1927—28-ж. республикада ири ө. ж-лардын дүң продукциясы 1913-жылдын деңгээлинен 50,4%ке ашкан. Ал эми 1928-ж. СССРдин бүткүл ө. ж-ларынын дүң продукциясы 1913-жылдын деңгээлинен 32%ке, а. и. өндүрүш каражаттарын өндүрүү 55%ке көбөйгөн.

Биринчи беш жылдыкта (1928—32) республиканын ө. ж-ларына болүнгөн капиталдык салым 35 млн сомду (1955-ж. 1-июлдагы баа б-ча) түзгөн. Бул жылдарда курулуш иштерин жүзөгө ашырууга жардам берүү үчүн өлкөнүн борб. райондорунан 300дөн ашык инженер ж-а техник келген. Кыргызстанда рудниктер, шахталар, өндөгөн заводдор пайдаланууга берилип, а. и. тамак-аш ө. ж-нын ири ишканалары ж-а эт-консерва комбинаттары, эфир, кант, ферментация заводдору курулган. Ушул эле жылдарда республикада оор индустриянын алгачкылары: Фрунзе механикалык з-ду, № 1 ДЭС, Кичи АГЭС, Кок-Жаңгак механикалык з-ду ж-а рудники пайда болгон. Фрунзе — Кант, Кара-Суу — Ош, Жалал-Абад — Кок-Жаңгак, Фергана — Кызыл-Кыя темир жолдору курулган. Тактай тилүү заводдору ишке киргизилип, Кыргызстандын тоолуу райондорунда жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканаларын куруу башталган. Эгерде ө. ж. продукциясы 1927-ж. республиканын эл чарбасынын дүң продукциясынын 11%ин түзсө, 1932-ж. 33,9%ин түзгөн. А. ч-сын механикалаштыруу жүргүзүлө баштаган. Кыргызстан агрардык республикадан агрардык-индустриялык республикага айланган. Биринчи беш жылдык пландын ө. ж. б-ча тапшырмасы мөөнөтүнөн мурда — 4 жыл 3 айда орундатылып, ө. ж. продукциясынын жалпы көлөмүнүн өсүш темпи 292,6%ти түзгөн (СССР б-ча 240%). Жумушчулардын саны 6,8 эсеге көбөйгөн. Шаар калкы тездик м-н өсө баштаган. Биринчи беш жылдыктын мезгилинде Кыргызстанда жерг. бюджеттин жетишсиздигине, ө. ж-лардын ички топтомунун аздыгына байланыштуу индустриялаштыруунун негизги булагы бюджеттик ассигнование болгон. Кыргызстанда ө. ж. курулушу бүткүл Советтер Союзунун финансы жактан колдоосу м-н гана ишке ашырылууга мүмкүн эле. Улуу орус элинин ж-а СССРдин башка элдеринин жардамы Кыргызстанды индустриялаштыруунун чечүүчү шарты болуп саналган. Биринчи беш жылдыкта республикада СССРдин ж-а РСФСРдин бюджеттик ассигнованиелеринин орточо үлүшү 96,3%ти түзгөн, ал эми жерг. бюджеттин үлүшү болсо 3,7%тен ашкан эмес.


Партиянын 17-конф-ясынын директиваларынын ж-а ВКП(б) БК м-н ББКнын Январь пленумунун (1933) чечимдеринин негизинде СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 2-беш жылдык планы (1933—1937) ишке ашырылып, ал 1934-ж. февралда ВКП(б)нин 17-съездинде бекитилген. Планда мурда артта калып келген четжакаларда, айрыкча О. Азия республикаларында, а. и. Кыргызстанда да индустрияны тездетилген темпте түзүүгө, ө. ж-ды сырьё булактарына жакындатууга зор көңүл бөлүнгөн. Жаңы техниканы, жаңы өндүрүштөрдү өздөштүрүү 2-беш жылдыкта эл чарбасын техникалык жактан реконструкциялоону аяктоонун чечүүчү шарты болууга тийиш экендиги өзгөчө белгиленген. Эгерде 1-беш жылдык жаңы ө. ж-ларды куруу м-н мүнөздөлсө, 2-беш жылдыкта ошол жаңы техниканы өздөштүрүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, өндүрүштүн өз наркын төмөндөтүү сыяктуу милдеттерди чечүү керек эле. Бул милдеттерге ылайык жумушчу табынын сан жагынан бир кыйла өсүшү да белгиленген. Республиканын соц. индустриялаштыруу оор ө. ж. тармактарын (көмүр, курулуш материалдары, сейрек кездешүүчү металлдарды казып алуу), ө. эле а. ч. сырьёлорун кайра иштетүүчү ө. ж-ды да өнүктүрүү (эт, ун тартуу, кант, жибек ө. ж. ж. б.) багытында жүргүзүлүүгө тийиш эле. 1933—37-ж. ө. ж-га 151 млн сом бөлүнүп (1955-ж. 1-июлдагы баа б-ча), анын 63,2% оор ө. ж-дын өнүгүшүнө берилген.

Партия м-н элдин 2-беш жылдыкты мөөнөтүнөн мурда орундатуу б-ча жүргүзгөн күрөшү бүткүл өлкөдөгүдөй эле Кыргызстанда да эмгектеги каармандыктар м-н коштолгон. 1935-ж. стахановчулар кыймылы пайда болгон. Жаңы техниканы өздөштүрүү соц. мелдештеги башкы көрсөткүчкө айланган. Ударниктердин саны өскөн. Республикада 1933-ж. алардын саны 5423 болсо, 1934-ж. 7950, 1937-ж. 8500гө жеткен. Экинчи беш жылдыктын аягында ар бир төртүнчү ударник стахановчу новатор болгон. Республиканын жумушчуларынын саны 1933-жылкы 14 миң адамдан 1937-ж. 25 миң адамга чейин өскөн. Жумушчу табынын эмгекке ынтаасынын жалпы жогорулашы 2-беш жылдык пландын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатууга мүмкүндүк берген. Ө. ж. продукциясын чыгаруу бир кыйла жогорулаган. Эгерде республиканын бүткүл ө. ж-нын дүң продукциясы 1933-ж. 73,5 млн сомду түзсө, 1937-ж. 171,6 млнго (1926—27-жылдардагы баа б-ча) жеткен, б. а. 2,4 эсеге көбөйгөн. Экинчи беш жылдыктын ичинде 60тан ашык фабрика, завод, рудник ж-а шахта ишке киргизилген: Чаңгыр-Таш күкүрт рудниги, Кара-Балта кант заводу, 5 кирпич заводу, 4 кепдир заводу ж. б. Кыргызстан алдыңкы агрардык-индустриялуу республикалардын бири болуп калды. Кол онорчулор м-н кустардык өндүрүшчүлөрдү кооперацияларга бириктирүү негизинен аяктаган. Бул мезгилде республиканын көп улуттан турган жумушчу табы тездик м-н калыптанган. СССРде социализмдин жеңиши анын бардык республикаларынын ж-а аймактарынын экон. жактан тецелип өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзгөн.

Кыргызстанды индустриялуу-агрардык республикага айландырууда чечүүчү ролду 3-беш жылдык план (1938—42) ойноого тийиш эле. Республикага 867 млн сомдук капиталдык салым болүнүп, а. и. онор жайга 263 млн сом



Кыргызстанга келген «жыйырма беш миңчилер» (1930).



Сүлүктү кенине жаңы жол салуу. 30-жылдар.

(1955-ж. 1-июлдагы баа б-ча), б. а. 1-беш жылдыкка караганда 7 эсе көп берилген. Согуш башталганга чейинки 3,5 жылдын ичинде 40тан ашык ири ишкана курулган. А. и. Таш-Көмүрдөгү көмүр, Үч-Эмчектеги мышьяк рудниктери, Чаңгыр-Таш нефть промысели, Кадамжай сурьма комбинаты, 2 пахта тазалоочу, 2 лимонад, 4 нан, 4 тактай тилүүчү, 3 май заводдору, колхоздук ж-а колхоз аралык 19 электр станциясы, Кант—Токмок темир жолу ж. б. курулган.

1940-ж. ири ө. ж-дын дүң продукциясы 50,2%ти түзүп, а. ч-сына караганда басымдуулук кыла баштаган. Ошентип, республиканы индустриялаштырууну аяктоо мөөнөтүнө маанилүү чектерге жетишилди. Бул мезгилде ар бир 5-адам шаарда жашай баштаган. 1928-жылга салыштырганда ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмү 10 эсеге көбөйгөн. Ошондой болсо да айыл чарбасы м-н курулушту экономиканы индустриялык тармагына айландыруу сыяктуу көптөгөн экон. маселелерди чечүү алдыда турган. Май, быштак жасоочу көптөгөн заводдор, ө. ж. артелдери, басмаканалар али майда болуп, алардагы өндүрүш процесстеринин көбү кол күчү м-н аткарылган. 1941-ж. 22-июнда гитлердик Германиянын кол салышы м-н Совет адамдарынын тынчтык эмгеги үзгүлтүккө учураган. Бирок элдин эмгеги басандаган эмес.

Кыргызстандын индустриялуу-агрардык республикага айланышы анын экон. өнүгүшүнүн табигый закон ченемдүү туундусу, КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн улуттук саясатынын натыйжасы болгон. Кыргыз ССРинде Совет бийлигинин жылдарында соц. алдыңкы ө. ж. пайда болуп, республиканын эмгекчилеринин социализмди куруу үчүн жүргүзгөн күрөшүн жетектеген көп улуттуу жумушчу табы түзүлгөн.

С. Аттокуров

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КОЛЛЕКТИВДЕШТИРҮҮ ЖАНА КӨЧМӨНДҮКТӨН ОТУРУКТАШУУГА ӨТҮҮ

СССРдин бардык райондорундагыдай эле, Кыргызстанда социализмди куруунун маанилүү шарты жеке дыйкан чарбаларын коллективдештирүү аркылуу а. ч-сын соц. кайра куруу болуп эсептелген. Дыйкан чарбаларынын алгачкы бирикмелери Совет бийлиги орногондон кийин тез эле пайда болгон. 20-жылдарда эле түзүлгөн алгачкы а. ч. артелдери м-н коммуналары мисалга дыйкан чарбаларын кайра куруунун олуттуу роль ойноп албаса да коллективдик чарбаны жүргүзүүдө алардын ин жүзүндөгү тажрыйбаларынын маанисин зор эле. Адегенде кооперациянын эң жөнөкөй формаларына өтүү дыйкандардын чарбаны коллективдүү жүргүзүүнүн артыкчылыгына көздөрү жетишин шарттаган.

Кыргызстанда а. ч-сын коллективдештирүү саясий, экон. ж-а социалдык себептер м-н шартталган эле. 1927-жылдын аягында андагы жеке дыйкан чарбалары (178 миң) жарытылуу продукция бере алган эмес. А. ч-сындагы соц. сектордун үлүшү 2%тен аз болгон. ВКП(б)нин 15-съезди (1927, дек.) а. ч-сын коллективдештирүүнү бардык жактан өркүндөтүү, дыйканчылыкта жаңы техникага, эмгектин жаңы формаларына негизделген соц. ири өндүрүшкө өтүү ж-дө тарыхый чечимди кабыл алган.

Респ-канын шартында а. ч-сын соц. кайра куруунун составдык болүгү кочмон ж-а жарым кочмон чарбаларды отурукташтыруу болуп эсептелген. Мурда Кыргызстандын чарбадар калкына Сибирдин, Түндүктүн, О. Азиянын, Казакстандын элдери сыяктуу эле турмуш тиричиликтин кочмон түрү мүнөздүү болгондуктан кочмөндүктөн коомдук өнүгүүнүн прогрессчил фактору — отурукташууга өтүү бир кыйла узакка созулган.

Кыргыз чарбадарлары акырындык м-н бирин-экилеп рев-яга чейин эле отурукташа баштаган. Отурукташууга умтулуу эмгекчилердин негизги мүдөөлөрүнөн болгон. Бирок отурукташа баштаган чарбаларга мамлекет материалдык жардам бербегендиктен, алар көп кыйынчылыктар м-н тоскоолдуктарга учураган. Натыйжада рев-яга чейин Кыргызстандын калкынын 90%кө жакыны көчмөн турмушта кала берген. Улуу Окт. рев-ясынан кийин гана, жер мамлекеттештирилө баштаганына байланыштуу, отурукташуу процесси күчөгөн. Коммунисттик партия м-н Совет мамлекети отурукташууга өтүүнү калктын экон. ж-а маданий абалын жакшыртуунун шарты катары гана эсептебестен, аны сов. коомдук түзүлүштү чыңдоого да мүмкүндүк бере турган саясий фактор катары караган. Отурукташууга баарыдан мурда кедей чарбалар муктаж болгон. Алардын көпчүлүгүнүн малы болбогондуктан айдоого жер алгысы, дыйканчылык кылын, бай-манаптардын колун карабай жашагылары келишкен. Бирок рев-яга чейин антүүгө такыр мүмкүн эмес болчу. Совет бийлигинин түшүндө гана отурукташуу маселеси Совет мамлекети тарабынан кызуу колдоого алынып, иретке салына баштаган.

Отурукташуунун биринчи этабы (20-жылдар) Кыргызстанда Совет бийлигинин орношунан башталып, түташ коллективдештирүүгө өтүүгө чейинки мезгилди кучагына алган. Адегенде 1921—22-ж. жер-суу реформасын ишке ашыруу мезгилинде бир кыйла көчмөн чарбалар отурукташкан. Көчмөн кедейлердин көпчүлүгү мамлекет тарабынан (келгин кулактар м-н феодалдардан конфискацияланган) айдоо жерлерди, а. ч. шаймандарын, үйлөрдү ж-а короо-жайларды алышкан. Дал ушул мезгилде Пржевальск уездинде 22 кыштак (346 түтүн бириккен), Пишпек уездинде 30 кыштак (1475 түтүн бириккен) пайда болгон. Отурукташуунун экинчи этабы 30-жылдардын башталышына туура келип, ал өлкөнү индустриялаштыруу, социализмдин материалдык-тех. базасын түзүү, а. ч-ны реконструкциялоо ж-а коллективдештирүүгө өтүүнүн башталышы м-н катар жүргүзүлгөн. Кыргыз АССР өкмөтүнүн 1931-ж. 3-апрелдеги чечими м-н Отурукташтыруу б-ча респ-калык комитет түзүлгөн. Отурукташтыруунун өндүрүштүк жагы Жер иштер эл комиссариатына, Колхоздор союзуна, Советтердин райондук аткомдоруна жүктөлгөн. 1928-ж. колхоздорго уюштуруу жагынан жетекчилик кылуу үчүн респ-калык колхоздук борбор (1928—32) ж-а анын жерг. органдары — Колхоздордун райондук союздары түзүлүп, колхозго кирген дыйкандардын саны жыл сайын көбөйгөн. Мис., 1927-ж. 132 колхозго 2873 түтүн бирикче, 1928-ж. коллективдик чарбалардын саны 287ге жетип, аларга 5730 түтүн кирген. 1929-ж. 781 колхоз болуп, аларга 30 миңден ашык жеке чарба бирикken. Колхоз кыймылынын уюштуруучулары коммунисттер болушкан. Алар колхоздорго биринчилерден болуп киришип, өз артынан дыйкандарды ээрчиткен.

Көчмөндөрдү жапырт отурукташтыруу б-ча жүргүзүлгөн чараларга жолдорду, турак жайларды, мал короолорду, ирригациялык курулуштарды, маданий-агартуу мекемелерин, мектептерди, ооруканаларды, соода жайларын куруу, жерге орноштуруу иштерин жүргүзүү сыяктуу жумуштар кирген. Отурукташтырылуучу негизги аймактарга: Ат-Башы, Алай-Гүлчө, Кочкор, Жети-Өгүз, Сүлүктү, Кетмен-Төбө, Өзгөн, Киров, Кызыл-Жар, Нарын, Каракол, Балыкчы, Ноокат ж-а Кызыл-Кыя кирип, 85 миңден ашык түтүндү отурукташтыруу керек болгон. Бул жумуштарды жүргүзүүгө 20 млндон ашык сом жумшоо белгиленип, анын жарымы гана отурукташкандардын эсебинен алынмак. Отурукташкан түтүндөр а. ч. шаймандары, үрөн м-н камсыз кылынып, курулуш материалдарын сатып алуу үчүн кредиттер берилип, мамл. салыктардан ж-а милдеттүү төлөөлөрдөн эки жылдык мөөнөткө бошотулган. Отурукташтыруу б-ча бүткүл иш-чаралардын комплексине бөлүнгөн мамл. капиталдык салым 34 млндой сомду түзгөн.

Кыргызстанда туташ коллективдештирүүнү ишке жүзүнө ашыруу үчүн зарыл шарттар даярдалган. 1930-ж. 5-январда ВКП(б) БК «Коллективдештирүүнүн темпи жана колхоздук курулушка мамлекеттик жардам берүү чаралары жөнүндө» токтом кабыл алган. Анда өлкөнүн айрым райондорунун өзгочолуктору ж-а кооперациялаштырууга даярдыктарынын бирдей эместиги эске алынып, коллективдештирүүнү аяктоонун болжолдуу ар кандай мөөнөттөрү белгиленген. Кыргызстан коллективдештирүүнү, улуттук башка райондор сыяктуу эле, 1-беш жылдыктын акырында (1933) аяктоого тийиш болгон. ВКП(б) БКнын токтомун турмушка ашыруу б-ча иш жүргүзүп, Кыргызстандын партиялык уюму туташ коллективдештирүүнү адегенде 6 дыйканчылык районунда (түштүктө — Базар-Коргон, Араван-Буура; түндүктө — Кол бою, Ак-Суу, Калинин, Киров) жүргүзүүнү белгилеген. Колхоздорду уюштуруу, алардын биринчи ийгиликтери эмгек өндүрүмдүүлүгүн ж-а дыйкандардын жыргалчылыгын жогорулатууга эң сонун мүмкүнчүлүктөрдү беререн көрсөткөн. Бирок бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу оңой болгон эмес: дыйкандардын жаңы техниканы колдонгон коллективдик эмгектин артыкчылыгына, анын натыйжасында өздөрүнүн материалдык абалы ж-а маданий деңгээли бир кыйла жогорулай тургандыгына көздөрү жетиши үчүн убакыт керек болгон. Коллективдештирүүнү жүргүзүүдө, колхоздорду уюштуруу-чарб. жактан чыңдоодо фабрикалык-заводдук, партиялык ж-а профсоюздук уюмдар, заводдордун, фабрикалардын коллективдери тарабынан айыл-кыштактарга 1930-ж. жиберилген алдыңкы жумушчулар — 25 миңчилер зор роль ойногон. Кыргызстанга алардан 219 адам келген. Булардын катары респ-канын жумушчуларынын эсебинен да толукталган. 25 миңчилердин көпчүлүгү колхоздордун председателдигине, бригадирлигине, бир тобу айыл советтеринин председателдигине шайланган. Алар а. чарбасын социалисттик кайра куруу ж-а жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоо боюнча көп иштерди жүргүзгөн.

Кыргыз АССР БАКы м-н ЭКСи 1930-ж. 9-мартта «Туташ коллективдештирүү жүргүзүлгөн райондордо байлардын жана кулактардын чарбаларын жоюунун тартиптери жөнүндө» токтом кабыл алган. Кулактар м-н байлардын мүлкүн ж-а малын конфискациялоо респ-калык комиссиянын өзгочө өкүлдөрү тарабынан жерг. Советтердин аткомдорунун, колхоздордун, жарды-жалчы топторунун өкүлдөрүнүн катышуулары м-н жүргүзүлгөн. Коллективдештирүүнүн жүрүшүндө респ-канын айрым райондорунда кулактардын каршылыгы м-н басмачылардын баш көтөрүүлөрү жоюлган. Партиянын а. ч-ны соц. кайра куруу б-ча жүргүзгөн иш-чараларына катуу каршылык көрсөткөн кулактар м-н байлар башка жактарга айдалып жиберилген. Мал чарба райондорунда коллективдештирүүнүн жүрүшүндө калктын турмуш тиричилик шарттарын эсепке алуу м-н адегенде жерди биргелешип иштетүү б-ча жер шериктештиктери (ТОЗдор) уюштурулган.

Туташ коллективдештирүү үчүн күрөш мезгилинде ж-а андан кийинки жылдарда 300 миң көчмөн чарба отурукташкан. Отурукташкан аймактарда 1938-жылга чейин 842 колхоз уюштурулуп, жашоо-тиричиликке ыңгайлуу 300 кыштак, 34 миңден ашык турак үй курулган. Көчмөн турмуш (бүткүл калктын көчүп жүрүшү) калып, мал багуу үчүн атайы түзүлгөн мал чарба бригадалары гана көчүп, айыл-кыштактын калган эмгекчилери колхоз-совхоздордо жашашкан. Коллективдешүү м-н айкалышкан отурукташуу айылдагы капиталдызмге чейинки мамилелердин калдыктарын жоюунун тарыхый зарыл шарты болгон. Ал жерди пайдалануудагы уруулук мамилелердин социалдык негизин кыйратып, чарба жүргүзүүнүн натуралай формасынын жок кылынышына алып келген. Лениндик кооперация планынын турмушка ашырылышы ж-а отурукташууга өтүүнүн ийгиликтери чарбадар калктын турмуштук укладын түп тамырынан бери өзгөрткөн. Мунун бардыгы Кыргызстандын а. ч. өндүрүшүн андан ары жогорулатуунун перспективасын ачып берүү м-н бирге эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын ж-а маданий деңгээлин жогорулатып, алардын соц. курулушка карата активдүүлүгүн көтөргөн.

Көчмөн ж-а жарым көчмөн чарбалардын отурукташууга өтүшү м-н респ-канын колхоздук түзүлүштү чыңдоо б-ча базасы бир кыйла кеңейген. 1931-ж. респ-канын ишканалары м-н мекемелеринин партиялык, сов., профсоюздук уюмдары колхоздор м-н совхоздорго, МТСтерге ремонттоочу 340 ж-а агитациялык-пропагандалык 400 бригаданы жиберген. Колхоздорго үрөндүк 61 млн пуд эгин карызга берилүүнү, аларды машина ж-а шайман м-н жабдуу күчөтүлгөн. Жаңы уюшулган колхоздорго Совет мамлекети ар тараптан колдоо көрсөтүп турган. Коллективдештирүүнүн жүрүшүндө Кыргызстандын айрым дыйканчылык райондорунда түзүлгөн МТСтер акырындык м-н айыл-кыштактарды соц. кайра куруунун кубаттуу таянычына айланган. Дыйкандар коллективдүү чарбанын пайдалуулугуна улам көбүрөөк ишене баштаган. Техниканы колдонуу эмгекти жеңилдетип, айдоо аянтын кеңейтүүгө, түшүмдүү жогорулатууга мүмкүндүк берген. МТСтер айыл-кыштактарда агрардык рев-яны жүргүзүүдө зор роль ойногон. Трактор ж-а комбайндар кыргыз дыйкандары мурда урунуп келген жөнөкөй эмгек куралдарын чарбадан биротоло сүрүп чыккан. 1933—34-жылдарда МТСтерде саясий болүмдөрдүн уюштурулушу м-н алар колхоздорго саясий ж-а уюштуруу-чарбалык жетекчиликти жүргүзүүнүн борборуна айланган. 1933-ж. респ-када дыйкан чарбаларынын 67%ин бириктирген 1700 колхоз болсо, алардын саны 1935-ж. 1938ге (чарбалардын 70,8%ин бириктирип), ал эми 1937-ж. 1960ка жеткен.

1938-жылдын башына чейин дыйкан чарбаларынын 98% колхозго өткөн. 1939—40-жылдарда ТОЗдорду а. ч. артелдеринин уставына өткөрүү иш жүзүнө ашырылган. Колхоз талааларында 4400дөй трактор, 600дөн ашык комбайн, 2000 жүк ташуучу автомобиль пайдаланган. А. ч. өндүрүшүнүн процесстери улам көбүрөөк механикалаштырыла баштап, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулап, эмгекчи дыйкандардын материалдык-маданий абалы жакшырган. 40-жылдардын башында кыргыздардын көчмөн ж-а жарым көчмөн чарбаларынын отурукташуусу негизинен аяктаган. Майда жеке дыйкан чарбаларынын соц. колхоздук ири өндүрүшкө өтүүсү а. ч-сынын өндүргүч күчтөрүнүн кубаттуу жогорулашы үчүн зор перспективаларды түзгөн.

Ж. Малабаев

МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ

Маданий революция — социалисттик ж-а коммунисттик курулуштун составдуу, ажырагыс болугу. Анын маңызы соц. маданияттуу түзүү ж-а маданияттын жетишкендиктерин эмгекчилердин өздөштүрүүсүн камсыз кылып, аларды маданий-тарыхый процесстин аң-сезимдүү ж-а активдүү катышуучуларына айландыруу, ар тараптан жетик ж-а гармониялуу өнүккөн адамды калыптандыруу болуп саналат. Соц. курулуштун жүрүшүндө, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Сов. Кыргызстанда да маданият ж-а идеология тармагында түп тамырынан бери өзгөрүүлөр болуп өттү. Кыргыз эли Коммунисттик партиянын тынымсыз камкордугунун ж-а анын элдердин тең укуктуулугу м-н достугунун лениндик улут саясатын кыйшаюусуз ишке ашыруусунун натыйжасында, тарыхый кыска мөөнөттө маданий артта калуучулуктан, карангычылыктан соц. маданияттын бийиктигине карата зор секирик жасады.

Кыргыз ССРинде маданий рев-я өзгөчө татаал шарттарда ишке ашкан. Анын ботончолуктору — крайдын мурда жалпы экон. ж-а маданий жактан артта калгандыгы, капитализмге чейинки мамилелердин басымдуу болушу, кыргыз элинин көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушу, жумушчулардын аз санда болушу, туташ сабатсыздыгы (рев-яга чейин ар бир миң кыргыздын алтоо гана окуй алган), эне тилинде жазмасынын болбогондугу, интеллигенциянын улуттук кадрларынын жоктугу м-н шартталган. Бул кыйынчылыктар респ-кадагы маданий рев-яны жүрүшүн оордоткон. Өлкөнүн улуттук райондорунун, а. и. Кыргызстанда маданий рев-яны негизги милдеттери Коммунисттик партиянын Программасында, партиялык съездердин мурда артта калган элдердин ич жүзүндөгү теңсиздигин жоюуга багытталган чечимдеринде белгиленген.

Кыргызстанда Ленинди партиянын жетекчилиги м-н өлкөнүн орус ж. б. элдеринин жардамы м-н Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле маданий курулуш башталган. 1919-ж. 26-декабрдагы «РСФСРдин калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндөгү» ленинди декрет жалпы сабаттуулук үчүн күрөштүн башталышы болгон. Ушул максатта Кыргызстанда 20-жылдардын ортосунда Сабатсыздыкты жоюу б-ча атайын комиссия ж-а «Сабатсыздык жоголсун» аттуу ыктыярдуу коом түзүлгөн. Алар партиялык уюмдардын, сов. органдардын жетекчилиги м-н кылымдар бою келаткан артта калуучулукту жоюу б-ча зор иш жүргүзүшкөн. Реформаланган араб алфавитинин негизинде 1924-ж. кыргыз элинин улуттук жазмасы түзүлгөн. Алгачкы жылдары окууга негизинен коммунисттер, комсомолдор, профсоюз мүчөлөрү тартылган. Совет бийлигинин биринчи 10 жылдыгында бул багытта алгачкы кадамдар гана жасалган. Мис., 1926-жылдын аягында Кыргызстандын калкынын жалпы сабаттуулугу 15,1% гана болгон (СССР б-ча 51,1%), ал эми кыргыздар арасында андан да аз — 4,7%ти түзгөн. Сабатсыздыкты жоюуда чечүүчү ийгиликтерге негизинен сабаттуулук үчүн жалпы элдик күрөш кулач жайган мезгилде — согушка чейинки беш жылдыктарда жетишилген. 1939-ж. Кыргызстанда партиялык, сов., чарб. органдардын, комсомол, профсоюз ж. б. коомдук уюмдардын, элге билим берүү ж-а маданий-агартуу мекемелеринин кызматкерлеринин, «маданий-армиячылардын» күч-аракеттеринин натыйжасында эмгекчи массанын өздөрүнүн активдүү катышуусу м-н 9 жаштан 49 жашка чейинки калктын сабаттуулугу 82%кө (а. и. эркектер 89,4%, аялдар 74,4%) чейин жетип, Кыргыз ССРинде сабаттуулуктун жалпы деңгээли СССР б-ча орто көрсөткүчкө жакындаган. Улуу Ата Мек. согуштун алдында респ-када сабатсыздыкты жоюу негизинен аяктаган. Өмөнтүп, кыргыз элинин жыйырма жыл ичинде туташ сабаттуулукка жетишүүсү социализмдин улуу жеңиштеринен эле.

Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда элге билим берүүнүн соц. системасы калыптанган. Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер ачылган. 1930—31-окуу жылында респ-када жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилип, аны ийгиликтүү аяктоо 30-жылдардын аягында айыл-кыштактарда жалпыга милдеттүү жети жылдык, шаарларда он жылдык билим берүүгө өтүүгө мүмкүндүк берген. Жалпы билим берүүчү мектептердин саны тынымсыз өскөн.



Башталгыч класстын окуучулары. 1930.

Кыргызстанда рев-яга чейин 7041 окуучусу бар 107 гана мектеп (а. и. бир гана орто мектеп) болсо, 1940—41-окуу жылында жалпы билим берүүчү 1645 мектепте (алардын жарымына жакыны жети жылдык ж-а орто мектеп) 328,7 миң бала окуган; а. и. 166 миң окуучусу бар 1135 кыргыз мектеп болгон. Рев-яга чейинки мезгилге салыштырганда мектептердин саны 15 эсе, окуучулардын саны 46,5 эсе өскөн. Кыргызстандагы мектептерде билим берүүнүн өсүш темпи жалпы СССРдегиге салыштырганда бир кыйла жогору болгон. Кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу атайын орто ж-а жогорку окуу жайлары уюштурулган. 1925-ж. Кыргыз агартуу ин-ту, Ош педтехникуму, Пишпек ж-а Ысык-Көл а. ч. техникумдары, 1932-ж. респ-канын эң алгачкы жогорку окуу жайы — педагогика ин-ту, 1933-ж. зооветеринария ин-ту, 1939-ж. медицина ин-ту ачылган. 1940-ж. Кыргызстанда 5960 окуучусу бар 33 атайын орто ж-а 3043 студенти бар 6 жогорку окуу жайы болгон. Бул окуу жайлар жерг. улуттук адистердин көптөгөн кадрларын даярдаган. Элге билим берүүнүн сов. системасын түзүү ж-а өнүктүрүү респ-када маданий рев-янын жеңишин үчүн чечүүчү роль ойноп, эмгекчилердин кеңири массасынын саясий билим, эстетикалык байлыктарды өздөштүрүүсүнө, соц. интеллигенцияны калыптандырууга шарт түзгөн.

Рев-яга чейин кыргыз элинин өз интеллигенциясы дээрлик болгон эмес. Кыргызстандагы башка улуттардын интеллигенттеринин саны да өтө аз болгон. Өзөндүктан кыргыздын жаңы интеллигенциясынын калыптануу процесси өтө оор ж-а узакка созулуп, улуттук интеллигенция кадрларын жаңыдан түзүүгө туура келген. Кыргыз эмгекчил интеллигенциясы партия м-н Совет бийлигинин ишине берилген батрак, кедей дыйкан ж-а жумушчулардын алдыңкы өкүлдөрүн партиялык, сов. жетекчи кызматтарга көтөрүү жолу м-н толукталып турган. Алардын жалпы билимин ж-а идеялык-саясий деңгээлин көтөрүү үчүн кыска мөөнөттүк ар кандай курстар, сов.-партиялык мектептер ж. б. уюштурулган. Туруктуу окуу жайларынын али жоктугуна байланыштуу узак убакыт бою Кыргызстанда кадрларды даярдоонун ж-а кайра даярдоонун ошол мезгилдеги ылайыктуу жолу катары курстарда окутуу системасы кеңири колдонулган. Бул шарттарда 30-жылдары адистерди даярдоонун негизги очогу респ-канын техникумдары м-н жогорку окуу жайлары болгон. Москва, Ленинград, Ташкен ж. б. шаарлардын окуу жайлары улуттук кадрларды даярдоого чоң жардам көрсөтүшкөн. 1927—28-окуу жылында респ-кадан тышкары жерлерде 537, 1929—30-окуу жылында 940 (анын 432си кыргыз) адам окуган. Биринчи беш жылдыкта Кыргызстандан тышкаркы орто ж-а жогорку окуу жайларга бардыгы 3 миңден ашуун киши жиберилген.

1941-жылдын 1-январында Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактарында 3700дөн ашуун жогорку, 7300 атайын орто билимдүү адистер иштесе, 1982-ж. эл чарбасындагы жогорку ж-а атайын орто билимдүү адистердин саны 300 миң адамды түзгөн. Жогорку ж-а атайын орто билим алган аялдардын саны эркектердин санынан анча калышкан эмес.

Маданий рев-янын жүрүшүндө респ-када улуттук жазма, басма сөз ж-а маданий-агартуу мекемелери түзүлгөн. Алар эмгекчилерди саясий агартууда, билим ж-а маданий деңгээлин көтөрүүдө маанилүү роль ойногон. 1918-жылдан уезддик газеталар: «Пишпекский листок» ж-а Пржевальскиде «Голос пролетариата», 1919-жылдын майынан «Токмакский вестник» басыла баштап, 1924-ж. 7-ноябрда улуттук жазманын, басма сөздүн, профессионалдык адабияттын төл башы болгон кыргыз тилиндеги алгачкы «Эркин-Тоо» (азыркы «Советтик Кыргызстан») газетасынын туңгуч саны жарык көргөн. 1925-жылдан респ-калык «Батрацкая правда» (азыркы «Советская Киргизия»), андан кийин «Ленинчил жаш» (1926), «Сабаттуу бол» (1930) газеталары, «Коммунист» (1926), «Жаңы маданият жолунда», «Дехканин» (1928), «Чабуул» (1931) журналдары чыга баштаган. 1940-ж. Кыргыз ССРинде 69 газета (бир жолку тиражы 192 миң), а. и. кыргыз тилинде 43 газета (тиражы 110 миң), 12 журнал ж. б. мезгилдүү басылмалар (тиражы 233 миң), а. и. алтоо кыргыз тилинде (тиражы 175 миң) чыккан. Ал эми 1982-ж. 109 газета, 32 журнал ж. б. мезгилдүү басылмалар, а. и. кыргыз тилинде тиражы 732 миң республикалык, областтык ж-а райондук 60 газета, жылдык тиражы 9 миң нуска 16 журнал басылып чыккан. 1926-ж. Кыргыз мамл. басмасы уюштурулган. Кыргызмамбас уюштурулган жылы 26 наамдагы китеп (тиражы 65,7 миң) чыгарса, 1940-ж. 350 наамдагы (тиражы 1283 миң), 1982-жылга чейин 16 миң наамдагы 126 млн нуска китеп кыргыз тилинде басылып чыккан. Кыргызстанда китеп продукциясын басып чыгаруу жалпы СССРдегиге караганда кыйла тез темп м-н өсүккөн. Мис., 1928—39-жылдарда СССР б-ча китеп чыгаруу киши башына 2,7 эсеге көбөйсө, Кыргыз ССРинде 30дан ашуун эсеге өскөн.

Рев-яга чейин онго жетпеген чакан китепкана ж-а бир киноустановкасы болгон Кыргызстанда маданий-агартуу мекемелеринин кеңири тармагы: клуб, китепкана, кызыл үй, кызыл чайкана, дыйкан үйлөрү, киноустановка, кинотеатр, радио түйүндөрү, музейлер ж. б. түзүлгөн. Атайын кыз-келиндер клубдары, кызыл үйлөр, көчмө кызыл боз үйлөр ж. б. ачылган. 30-жылдардын аягында респ-када китеп фондусу 756 миң нускадан турган 588 массалык китепкана, 574 клубдук мекеме, 213 киноустановка, 22,5 миң радиоточкага эсептелген 91 алып уктуруучу радио түйүнү, 18 профессионалдык театр, 3 музей иштеген. Алар калк арасында саясий-массалык, маданий-агартуу иштерин жүргүзүүдө партиялык ж-а сов. органдардын, комсомол ж-а профсоюз уюмдарынын таянып пункттарына айланган.

Кыргызстандагы маданий рев-янын маанилүү натыйжаларынын бири — орус окумуштууларынын бир туугандык жардамы ж-а түздөн-түз катышуусу м-н илимдин калыптанышы ж-а өнүгүшү. Алгачкы илимий мекеме — Кыргыз край таануу ил. из. ин-ту 1928-ж. ачылып, андан 2 жылдан кийин Мал чарба ин-ту уюштурулган. 1940-ж. 13 ил. из. мекемеси иштеп, илимий-педагогика майданында эмгектенген 323 кишинин 13ү илимдин доктору, 45и илимдин кандидаты болгон. Алар Кыргыз ССРинин эл чарбасынын, тарыхынын ж-а маданиятынын актуалдуу проблемаларын изилдешкен. Изилдөө иштерин өнүктүрүү максатында, илимий мекемелердин иштерин ж-а илимий кадрларды даярдоону жалпы жетектөө ж-а координациялоо үчүн 1937-ж. илимий борбор — Кыргыз ССР ЭКСине караштуу Илим комитети түзүлүп, 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы уюштурулган.




Кыргызстандагы алгачкы газеталар.

Совет бийлиги жылдарында кыргыз эли өзүнүн жазма адабиятын ж-а профессионал искусствосун жаратты. Орус классикалык ж-а совет адабиятынын таасири м-н элдик оозеки бай чыгармачылыктын мыкты салттарынын негизинде кыргыз жазма адабиятына негиз салынып, өнүгүп чыңдалды. Анын баштатында көрүнүктүү акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов), Барпы Алыкулов ж. б. турушкан. Жаңы профессионал улуттук адабияттын баштоочуларынын арасында А. Токомбаев, К. Баялинов, М. Элебаев, М. Токобаев болгон. Анын кийинки өнүгүшүнө Ж. Боконбаев, Ж. Турусбеков, Т. Сыдыкбеков, К. Маликов, Т. Умоталиев, А. Осмонов, К. Жантөшев, А. Токтомушев ж. б. чоң салым кошушту. Соц. реализм методун өздөштүрүшкөн кыргыз жазуучулары чыгармаларында өз элинин жаңырган турмушун, лениндик партияны, Совет бийлигин, элдердин достугун даңазалашты. Улуттук маданияттын азыркы кездеги гүлдөшү болсо Ч. Айтматов, С. Эралиев, Т. Абдумомунов, Ш. Бейшеналиев ж. б. көптөгөн көркөм сөз чеберлеринин ысмы м-н байланыштуу. Кыргыз эли орустун көркөм маданият өкүлдөрүнүн тике катышуусу м-н искусствонун театр, сүрөт, кино сыяктуу түрлөрүн биринчи жолу жаратып, артист, режиссёр, композитор ж-а сүрөтчү улуттук кадрлар өсүп чыкты. Булардын бардыгы кыргыз эмгекчилеринин билим ж-а маданий деңгээлинин, саясий аң-сезиминин ж-а чыгармачылык активдүүлүгүнүн өлчөөсүз жогорулашына, алардын рухий жүзүнүн түп тамырынан бери өзгөрүшүнө алып келди. Кыргыз элинин мазмуну соц., мүнөзү интернационалдык ж-а формасы улуттук маданияты өнүккөн социализм доорунда андан ары гүлдөөгө жетишти.

С. Данияров

Аялдардын социализмди курууга катышуусу. Кыргызстанда аялдардын абалы түп тамырынан бери өзгөрдү. Партия менен өкмөттүн аялдардын турмуш-тиричилик шарттарын жана өзгочөлүктөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырган көптөгөн ишчаралары аларды коомдук турмушка жана өндүрүшкө активдүү тартууга өбөлгө түзгөн. Түркстан респ-касынын (1924-жылга чейин Кыргызстан анын составында болгон) өкмөтү 1921-жылы эле калыңды жоюу ж-а никө жашын көтөрүү, көп аял алууга, кыздарды зордоп күйөөгө берүүгө тыюу салуу ж-дө закон чыгарган. 1919—20-жылдарда Кыргызстанда партиялык комитеттерге караштуу аялдар бөлүмдөрү түзүлгөн. Алар аялдарды азаттыкка чыгарууда зор роль ойноп, жумушчу ж-а дыйкан аялдардын конф-яларын өткөрүшүп, аялдарды сов., профсоюздук ж. б. коомдук иштерге, өндүрүшкө катышууга тартышкан. Аялдар бөлүмдөрүнүн алдында аялдар делегаттарынын чогулуштары, аялдар клубдары, кызыл бурчтар, дыйкан аялдар үйлөрү, кызыл боз үйлөр (жайлоолордо), сабатсыздыкты жоюу мектептери, өндүрүш артелдери д. у. с. түзүлгөн. 1925-ж. Кыргызстанда аялдардын 4 клубу, малчы аялдар үчүн 5 көчмө кызыл боз үй иш жүргүзгөн. Алардан тышкары 26 кызыл бурч, 3 кесиптик техникалык мектеп, обл. сов. партиялык мектеп, сабатсыздыкты жоюу б-ча 13 кыргыз мектеби ж. б. иштеген.

Кыргызстандагы аялдарды азаттыкка иш жүзүндө чыгаруу милдети Сов. Чыгыш респ-каларында соц. индустрияларштыруунун, а. ч-сын коллективдештирүүнүн ж-а маданий рев-яны ишке ашыруунун базасында лениндик улут саясатын жүзөгө ашыруу м-н тыгыз байланышта чечилген. Соц. ж-а коммунисттик курулуштун жылдарында респ-канын эл чарбасында иштеген жумушчу ж-а кызматчы аялдардын саны бир кыйла өстү. Эгерде 1924-ж. аялдардын саны 2,2 миңди гана түзсө, 1975-ж. 450 миңге жетип, б. а. 238,5 эсеге көбөйгөн. Экономиканын алдыңкы тармагы — өнөр ж-да бардык иштегендердин 52%ин аялдар түзөт. Жеңил ж-а тамак-аш өнөр ж. м-н катар машина курууда, атап айтканда, респ-канын аспап жасоо ж-а электр өнөр ж-нда аялдар эмгеги улам барган сайын көбүрөөк пайдаланылып, алар бул тармактарда бардык иштегендердин 85%ке жакынын түзөт. Аялдар эмгегинин үлүшү Кыргызстандын эл чарбасынын башка тармактарында да өсүүдө. Мис., 1979-ж. курулушта иштегендердин 19%ин, турмуш тиричилик жактан тейлөө, соода ж-а коомдук тамактануу эмгектегендердин 66%ин, илимде — 47%ин, саламаттык сактоодо — 81%ин, агартуу ж-а маданиятта — 66%ин аялдар (алардын ичинен 57,8% жог. ж-а орто билимдүүлөр) түзгөн. Аялдар — өндүрүштүн новаторлору, эмгек демилгечилери, беш жылдыктардын энкиндүүлөрү. Алардын арасында бүткүл респ-кага таанымал Соц. Эмг. Баатырлары А. Айткулова, Т. Абдышева, СССР, Кыргыз ССР Жог. Советтеринин депутаттары



Кыргыз АОнун жумушчу аялдарынын областтык 2-кеңешмесинин катышуучулары. Фрунзе. 1925.



Н. К. Крупская Советтердин бүткүл россиялык 7—8-съезддеринин делегаты Бүкөш Муңайтпасова менен.

Н. Боромбаева, А. Бектурсунова, С. Кулматова, М. Трушина, К. Мамбетова, Р. Тынаева ж. б. бар.

А. ч-сын, мал чарбасын, бакма канаттуулар чарбасын, пахтачылыкты, кызылчачылыкты, тамекичиликти, чочко чарбасын андан ары онүктүрүүдө кыргыз аялдарынын ролу ото зор. 1979-жылы 19 миңдей аял кант кызылчасын өстүрүүдө иштеген. Алардын көпчүлүгү — кант кызылчасын өстүрүүнүн мыкты устаттары, ар гектарынан 500—700 иден түшүм алууга жетишкен эмгек кайраткерлери. Алардын катарында респ-канын Жогорку Советинин депутаттары Т. Дегембаева, Е. Панкратова, Т. Нестеренко, П. Сингай ж. б. бар. Атактуу пахтачылар: Соц. Эмг. Баатырлары О. Атабекова, Т. Эрматова, С. Юсупова, Д. Рафикова, С. Ногоева ж. б. Аялдардан чыккан чабандар — Соц. Эмг. Баатырлары, СССР Жогорку Советинин 8—9-шайланышына депутаттар К. Мукашева, Б. Турдубаева. Мекендин жогорку сыйлыктарына татыктуу болушкан жаш чабандар Б. Кенжебаева ж-а А. Сулайманова кыйла жылдар бою эшкиндүү эмгектенишүүдө. Эл чарбасынын бардык тармактарында жетишкен ийгиликтери үчүн Кыргызстандан 10 миңден ашуун аял СССРдин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланышкан. Алардын 74үпө Соц. Эмг. Баатыры деген жогорку наам ыйгарылган. Ал эми атактуу кызылчачы З. Кайназарова бул наамга эки ирет татыктуу болгон. 1979-ж. Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактарында жогорку билимдүү адис аялдар 50,6%ти, атайын орто билимдүү аялдар 60,3%ти түзгөн.

Респ-канын саясий ж-а коомдук турмушунда аялдардын ролу тынымсыз өсүүдө. 10 кыргыз аял СССР Жогорку Советинин депутаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 10-шайланышынын (1980, 24-февр.) депутаттарынын 120сы, же 35,4% аялдар. Эл депутаттарынын жерг. советтерине шайланган 13 142 аялдын (46%) арасында жумушчу, колхозчу, врач, инженер, агроном, мугалим, окумуштуу, артист ж. б. бар. Кыргызстандын аялдары коммунисттик курулуштун ишине бүткүл күч-кубатын, билимин жумшап жатышат.

Ж. С. Татыбекова

УЛУТ МАСЕЛЕСИНИН ЧЕЧИЛИШИ

Падышачылыктын колониялык саясаты, аймактык бытырандылык, феод.-патриархалдык мамилелердин үстөмдүгү, айрым аймактардын обочолоолугу, чарб. ж-а маданий артта калуучулук О. Азия элдеринин улуттук байланыштарын түзүүгө ж-а чыңдоого тоскоол болгон. Улуу Окт. рев-ясы социалдык ж-а улуттук өзүүнү жок кылуунун, бардык улуттар м-н элдердин саясий тең укуктуулугун орнотуунун социалдык-экон. негиздерин түздү. 1917-ж. 22-ноябрда Совет өкмөтүнүн «Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман эмгекчилерине» деген кайрылуусу басылып чыгып, анда Россиянын мусулман калкынын толук эркиндиги ж-а ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган.

1918-ж. январда Советтердин бүткүл россиялык 3-съездинде «Эмгекчи жана эзилген элдин укугунун декларациясы» кабыл алынып, анда соц. коп улуттуу мамлекеттин негизи катары федерациялык түзүлүштүн планы жарыяланган. В. И. Ленин ушул съездде чыгып сүйлөп, соц. респ-канын жаңы мамл. түзүлүшүн Россияда жашаган ар түрдүү улуттардын эркин респ-каларынын федерациясы катары баалаган. Пролетариат диктатурасынын дүйнөдөгү биринчи мамлекети мурда эзилген улуттарга өз тагдырын өзү чечүү укугун берип, улуттук бардык артыкчылыктарды ж-а чектөөлөрдү жойду, өлкөнүн бардык элдеринде улуттук экономикасын ж-а маданиятын эркин түзүүгө ж-а өнүктүрүүгө, улуттук мамлекеттүүлүгүн бекемдөөгө кеңири мүмкүнчүлүк берген. В. И. Ленин Сов. Чыгыштын коммунисттерине жаңы коомду куруунун жүрүшүндө социализмге өтүүнүн жалпы закон ченемдерин сактоо м-н бирге жерг. спецификалык өзгөчөлүктөрдү ото көңүл коюп эске алуу керектигин эскерткен. Ал Чыгыштын коммунисттерине кайрылып: «...сиздер жалпы коммунисттик теория менен практикага таянып, европалык өлкөлөрдө жок болгон өзгөчө шарттарга ылайыкташтып отуруп, негизги масса дыйкандар болуп отургында, капиталга эмес, орто кылымдын калдыктарына каршы күрөшүү милдетин чечүү керек болуп отургында, ошол теория менен практиканы шартка жараша колдоно билүүңүздөр керек»,— деген (Чыг., кырг. 1-бас., 30-т., 162-б.). Бийликтин сов. формасын (Дыйкан советтери) Советтик Чыгыштын өзбек, тажик, кыргыз, түркмөн, казак ж. б. элдери кабыл алышты.

Өз тагдырын өзү чечүү укугун жүзөгө ашырышып, О. Азия элдери 1918-ж. Түркстан Автономия Сов. Соц. Респ-касынын чегинде өз улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүштү. 1918-ж. майда Түркстан автономия негизинде Россиянын составына кирген. Мында Совет бийлигин чыңдоодо В. И. Ленindин демилгеси б-ча ББАК м-н РСФСР ЭКСтин 1919-ж. 8-октябрда түзүлгөн Түркстан иштери б-ча комиссиясы (Түрккомиссия) зор роль ойногон. Анын составына партиялык ж-а сов. коруңуктуу ишмерлер — М. В. Фрунзе, Ш. З. Элиава, Ф. И. Голощёкин, Г. И. Бокий, В. В. Куйбышев, Я. Э. Рудзутак кирген. 1920-ж. сентябрда Түркстан советтеринин 9-съезди О. Азияда улуттук мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүн бекиткен ж-а өзбектердин, кыргыздардын, тажиктердин, түркмөндөрдүн, каракалпактардын сов. улуттук мамлекеттүүлүгүно негиз салган Түркстан АССРинин Конституциясын кабыл алган. 1920-ж. июнда В. И. Ленин Түркстанда РКП(б)нин милдеттери ж-дегү БКнын чечиминин долбооруна карата өзүнүн сын пикирлеринде Түркстандын Өзбекстанга, Түркмонстанга, Кыргызстанга болуңгон этнографиялык картасын түзүүнү тапшырып, ошону м-н бирге О. Азиянын кошулуу же болүнүү шарттарын ар тараптан тактоонун зарылдыгын белгилеген. 1924-ж. анын улуттук-мамл. түзүлүшүн ж-а болүнүшүн ишке ашыруу үчүн саясий шарттар түзүлгөн. Май айында болуп өткөн Түркстан Компартиясынын 8-съезди улуттук болүнүштүн өз учурунда болуп жаткандыгын ж-а максатка ылайык экендигин белгилеген. 1924-ж. 11-майда РКП(б) БКнын О. Азия бюросу улуттук болүнүштүн маселелерин иштеп чыгуу б-ча комиссиялардын, подкомиссиялардын ишин талкуулап, СССРдин составына түздөн түз киргүүсү м-н Өзбек ж-а Түркмон ССРлерин, о. эле Тажик ж-а Кыргыз автономия областтарын түзүү зарылдыгын тааныган. 1924-ж. 2-июнда О. Азия бюросу комиссия

тарабынан иштелип чыккан РКП(б) БКнын Саясий бюросунун О. Азиянын улуттук-мамл. болүштүрүү жөнүндө токтомунун долбоорун кубаттаган. Анда Өзбек ССРин, Түркмон ССРин, Өзбек ССРинин составында Тажик АССРин уюштуруу ж-а түздөн түз РСФСРдин составына кирген Кара-Кыргыз автономия областын болүү каралган. О. эле жаңыдан түзүлгөн респ-калардын ж-а автономия областынын чек араларын аныктоо үчүн аймактык комиссия уюштурулуп, аны тикедентике РКП(б) БКнын О. Азия бюросу жетектеген. 1924-ж. 12-июнда РКП(б) БКнын Саясий бюросу О. Азиянын партиялык ж-а сов. органдарынын сунуштарын талкуулап, «Орто Азия республикаларынын улуттук-мамлекеттик болүнүшү жөнүндө» тарыхый токтомду кабыл алган. 1924-ж. 16-сентябрда Түркстан БАКтын кезексиз чакырылган сессиясы улуттук-мамл. болүнүү ж-дө токтом кабыл алган. 1924-ж. 14-октябрда Москвада ББАКтын 2-сессиясы ачылып, ал О. Азия элдеринин улуттук-мамл. болүнүшү ж-дө чечим кабыл алган. Өзөнтип кыргыз эли о. азиялык башка элдер сыяктуу эле улуттук мамлекеттүүлүккө жетишкен. Ал өз өнүгүшүндө СССРдин көптөгөн башка элдеринин улуттук мамлекеттүүлүгүнөн айырмаланып, сов. автономиянын ж-а федерациянын дээрлик бардык формаларын басып өткөн.

Кыргыз элинин улуттук соц. мамлекеттүүлүгүнүн башаты Кыргыз автономия областы болгон. Натыйжада кыргыз элинин мурдагы аймактык бытырандылыгы (рев-яга чейин Кыргызстандын аймагы болүнүп, Түркстандын 4 областына — Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самаркан обл-тарына кирген) жоюлуп, уруулук чектелүү м-н патриархалдык калдыктарды жоюу процесси тездеген. Бул кыргыздардын ин жүзүндөгү теңсиздигин жоюуда чоң мааниге ээ болгон. 1924-ж. октябрда коммунисттердин ленindик улуу партиясынын составдык болүгү — Кыргызстандын партиялык уюму түзүлгөн. 21-октябрда ББАКтын Президиуму Кара-Кыргыз автономия областынын аймагындагы рев-ячыл бийликтин ж-а мамл. башкаруунун убактылуу органы катары анын ревкомунун составын бекиткен. Анын председателдигине Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчү И. Айдарбеков бекитилген. 11-ноябрда Облревкомдун 1-пленуму болуп өткөн. 1925-ж. жазында областта Кыргыз автономия областынын (КАО) Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съездине делегаттарды шайлаган Советтердин округдук съездери болуп өткөн. 1925-ж. 27-мартта КАОнун Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съезди чогулуп, ал КАО ж-дө жобону кабыл алган. Кыргыз элине өз аймагы бекитилип, ага мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү, өлкөнүн чарб., саясий, коомдук турмушунун бардык тармактарына активдүү катышуу укугу берилген. Областтын аймагы 195 746 км², калкы 800 мин адамдан турган, а. и. кыргыздар 63.5%ти түзгөн. КАОнун облаткомунун биринчи председателдигине А. Орозбеков шайланган. 1925-ж. 25-майда ББАК элдин өзүнүн тарыхый аталышына «кара» деген сөздүн көшүп айтылышы падышачылыктын колониялык саясатынан келип чыккандыгын эске алып, Кара-Кыргыз автономия областын Кыргыз автономия областы деп атоону кабыл алган.

КАОнун аймагында Фрунзе, Каракол, Жалал-Абад, Ош округдук аткомдору, Нарын, Талас, Кызыл-Жар райаткомдору, 72 болуштук аткомдор, 437 айыл совети түзүлгөн. Кыргыз автономия областынын түзүлүшү — кыргыз элинин кылымдардан берки ой-мүдөөсүн чагылдырып, анын эркиндик ж-а көз карандысыздык үчүн, өзүнүн этностук бүтүндүгү ж-а маданий жалпылыгы үчүн күрөштөгү жеңишин бекемдеген тарыхый зор маанидеги акт болгон. Улуттук болүнүштүн жүргүзүлүшү элдердин ин жүзүндөгү теңсиздигин жоюу процессинин тездешине ж-а патриархалдык-феод. сарқындыларды жоюуга шарт түзүп, эмгекчи массаларды мамлекетти башкарууга кеңири тартууну камсыз кылган ж-а алардын социализм үчүн күрөшүн активдештирип, элдин турмушун соц. негизде кайра куруусуна, экономикасы м-н маданиятынын андан ары өнүгүшүнө, кыргыз элинин соц. улут болуп калыптанышына объективдүү шарттарды түзгөн.

1926-ж. 1-февралда ББАКтын Президиуму автономия областты (чек араларын өзгөртпөстөн калтырып) РСФСРдин составына федерациялык болүк катары кирген Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикасына кайра уюштуруу ж-дө токтом кабыл алган. 1927-ж. 7—12-мартта Фрунзеде Кыргыз АССРинин Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съезди өтүп, ал Кыргыз АССРин түзүү ж-дө Декларация кабыл алган. Съезд М. И. Калинин, С. М. Будённый, Г. М. Кржижановский, К. Цеткин ж-а С. Каталмадан, Грузиянын, Украинанын, Өзбекстандын ж-а Түркмонстандын боордош компартияларынан, о. эле Улуу Британия м-н АКШнын компартияларынан куттуктоо телеграммалар алган. 1927-жылы мартта Кыргыз Автономиялык республикасынын өкмөтү — Эл Комиссарлар Совети түзүлгөн. 1929-ж. 30-апрелде Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы кабыл алынган. Кыргыз АССРинин түзүлүшү м-н кыргыз элинин улуттук-мамл. курулушунун жаңы этабы башталган.

Коммунисттик партия мурда артта калган элдердин капитализмди аттап, социализмге өтүүсү ж-дегү ленindик окууга таянып, 10-, 12-съезддердин чечимдеринде улуттардын ин жүзүндөгү теңдигин орнотуу программасын иштеп чыккан. КПССтин улуттук саясатынын маанилүү болүгү кыйла өнүккөн элдердин начарыраак өнүккөн элдерге экон. ж-а маданий артта калуусун жоюуда ар тараптан ак ниет жардам берүүсүн уюштуруу болгон. О. Азиянын респ-калары өзүнүн өнүгүш деңгээли б-ча Россиянын о. ж-луу борборлорунан айырмаланган. Алар СССРдин башка элдеринин, айрыкча улуу орус элинин бир туугандык жардамына муктаж эле. В. И. Ленindин демилгеси б-ча улуттук чет-жакаларды тез өнүктүрүүгө багыт алынган. Л. И. Брежнев «СССРдин элүү жылдыгы жөнүндө» докладында: «Мындай жардамды көрсөтүүнү, улуттук чет-жакалардын артта калгандыгын жоюунун, алардын тездик менен өнүгүшүнүн урматына эбегейсиз зор күч-аракеттерди жумшоого... курмандыктарга барууга даяр туруунү Россиянын пролетариатына Ленин интернационалдык жогорку милдет катары осуят кылып калтырган болучу. Орустун жумушчу табы, орус эли бул милдетти абийирдүүлүк менен орундатты. Чындыгында, бул интернационализмдин урматы үчүн бүтүндөй таптын, бүтүндөй элдин көрсөткөн дадаруу эрдиги болчу. Өзөндуктан аны, бул эрдиктн, биздин Родинабыздын бардык элдери эч качан унутушпайт»,— деп белгилеген (Ленindик жол менен, 4-т., 62-б., Фр., 1974).

Орус эли Сов. Чыгыштын элдерине, а. и. Кыргызстанга о. ж-ды ж-а маданий курулушту өнүктүрүүгө, билим берүүнү көтөрүүгө, улуттук кадрларды даярдоого ар тараптан көмөк көрсөткөн. О. Азия элдеринин социализмге карай өнүгүшүнүн зарыл өбөлгөлөрүнүн бири мында өз о. ж-ын түзүү болгон. РСФСРдин о. ж. борборлору башка респ-каларга завод, фабрикалар үчүн жабдууларды кайра толоосуя берип, инженерлерди, техниктерди, квалификациялуу жумушчуларды, илимпоздорду, окутуучуларды, чарба ж-а профсоюз кызматкерлерин, врачтарды, мугалимдерди ж. б. жиберген. Курулуп жаткан Кант ж-а Кара-Балта кант з-ддорун жабдуулар м-н камсыз кылууда РСФСР м-н Украинанын машина куруу индустриясынын 30дан ашуун ишканасы катышкан. Алардын арасында Ленинграддын Ленин атн., «Красный путиловец» з-ддору, Москванын «Красный факел» з-ду, Таганрог металлургия з-ду ж. б. болгон. Россия Федерациясынын борб. райондорунан 1928—32-жылдарда гана Кыргызстанга 8 миң жумушчу келген. Толук эмес маалымат б-ча 1—2-беш жылдыктардын мезгилинде респ-кага Ленинграддан ар түрдүү адистиктеги 300дөй инженер жиберилген. Социализмди куруу процессинде Кыргыз-

станда да алдыңкы социалисттик о. ж. түзүлгөн. Совет бийлигинин жылдарында респ-кадагы о. ж-дын жалпы көлөмү 333төн ашуун эсеге өскөн (СССР в цифрах в 1978 году, М., 1979, с. 92).

Кыргызстандын а. ч-сын коллективдештирүү үчүн күрөш мезгилинде РСФСРдин о. ж. республикаңы а. ч. машиналары м-н камсыз кылган. Партиянын чакырыгы б-ча улуттук респ-калардын, а. и. Кыргызстандын колхоздоруна практикалык жардам берүү үчүн Россиянын борб. райондорунан жыйырма беш миңчилер келишкен. Алар респ-канын колхоздорун чарб. жактан чыңдоодо, колхоздук активди уюштурууда маанилүү роль ойногон, эмгек тартибин чыңдоого шарт түзүп, саясий ж-а маданий массалык иш жүргүзүшкөн. Орус жумушчулары чыныгы интернационалдык идеалдардын ж-а адамдар ортосундагы мамилелердин жаңы принциптеринин активдүү алып баруучулары болушкан. Боордош элдердин жардамы м-н Кыргызстанда, Сов. Чыгыштын башка элдеринде эле соц. коомду куруу процессинде маданий рев-я ишке ашырылган. Компартия ж-а Совет мамлекети кыргыз элинин формасы б-ча улуттук, мазмуну б-ча соц. маданиятын өнүктүрүүгө багытталган бир катар иш-чараларды жүргүзгөн. Сабатсыздык жоюлуп, жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилген, улуттук басма сөз түзүлгөн. СССР элдеринин социализмди курууда ар тараптан кызматташтыгынын патыйжасы улуттардын иш жүзүндөгү теңдигин орнотуу болду. Советтер өлкөсүнүн бардык элдеринин биргелешкен күч-аракеттери м-н мурда артта калган элдер капитализмге чейинки мамилелерден социализмге секирик жасашты. Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстан бир мүүндүй өмүрүндөй мезгилде кадимки көчмөн мал багуучулуктан азыркы замандын индустриясына ж-а жогорку механикалаштырылган а. ч-сына, теңсиздиктен, каатчылыктан улуттук-соц. мамлекеттүүлүккө ж-а элдин турмуш шартынын түп тамырынан өзгөрүлүшүнө, туташ сабатсыздыктан элге билим берүүнүн ж-а маданияттын гүлдөшүнө чейинки жолду басып өттү. Кыргыздар, Сов. Чыгыштын башка элдериндей эле, иш жүзүндө мурдагы артта калуучулугун жеңип, соц. курулуш процессинде тарыхта биринчи жолу улуттун сапаттык жаңы тибине — соц. улутка бириктн.

СССРде социализмдин жеңишн м-н Кыргызстандын калкынын таптык структурасы өзгөрдү: эзүүчү таптар жоюлду, соц. курулуштун жүрүшүндө жумушчу табы, колхоз дыйкандары ж-а улуттук интеллигенция түзүлүп, коомдун социалдык-саясий ж-а идеялык биримдиги бекемделди, башка элдер м-н өз ара мамилелердеги ишенбестик жоюлуп, достук ж-а боордош кызматташтык өнүктү. Соц. интернационализм элдердин ортосундагы өз ара мамилелердин негизи болуп, ал ар кыл улут ж-а элдердеги миллиондогон сов. адамдардын бекем ишенимине ж-а жүрүм-турумунун нормасына айланды. Кыргызстандын социалдык структурасынын өнүгүшүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү жумушчу табынын абсолюттук ж-а салыштырмалуу өсүшү болуп сапалат. 1980-ж. анын саны 775,9 миңге жеткен. 70-жылдардын аягында жумушчулар респ-канын эл чарбасында иштеген эмгекчилердин 70%ин түзгөн.

Коомдун социалдык структурасынын өзгөрүү процесси респ-канын Конституциясында чагылдырылып, анын 19-статьясында «Кыргыз ССРинин социалдык негизин жумушчулардын, дыйкандардын жана интеллигенциянын бузулбас союзу түзөт» деп айтылган. СССРде социализмди куруунун жүрүшүндө коомдук турмуштун бардык жактарынын интернационалдашуусунун күчөшү м-н (бул атап айтканда калктын мобилдүүлүгүнүн өсүшүнөн ж-а респ-калар арасындагы миграциялык процесстердин күчөшүнөн көрүнөт) сов. респ-каларда калктын көп улуттуулугу өсүүдө. Кыргызстанда 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү ынтымактуу үй-бүлөдө жашап, иштеп жатышат. Алар санына карабай тең укуктуу, ал тең укуктуулук экономикалык, саясий, социалдык ж-а маданий турмуштун бардык жактарында камсыз кылынган. Кыргыз ССРинин гражданларынын тең укуктуулугу респ-канын Конституциясында бекитилген. 34-статьяда «Кыргыз ССРинин ар түрдүү расадагы жана улуттагы гражданлары тең укуктуу» деп айтылган. Бул укуктарды жүзөгө ашыруу СССРдин бардык улуттарын ж-а элдерин ар тараптан өнүктүрүү ж-а бири бирине жакындатуу саясаты, гражданларды сов. патриотизмдин ж-а соц. интернационализмдин духунда тарбиялоо, эне тилинен ж-а СССРдин башка элдеринин тилдеринен пайдалануу мүмкүндүгүнүн болуусу м-н камсыз кылынат.

Соц. коомдо экономиканы интеграциялоо, асыресе экон. аймактардын ж-а сов. респ-калардын чарбаларын адистештирүү ж-а кооперациялоо формасында ишке ашырылат. Кыргызстан эмгекти жалпы союздук бөлүштүрүүдө түстүү металлдарды казып алуунун, физикалык аспаптарды, электрдик, чөп жыйноо машиналарын чыгаруунун, кант даярдоонун району катары белгилүү. Респ-ка мал чарбасы ж-а техникалык өсүмдүктөр б-ча адистешүүдө. Улуттардын ж-а элдердин экон., социалдык, саясий ж-а рухий турмушунун жалпылыгы алардын улуттук маданияттарынын жакындашы, интернационалдык негиздин бекемделишин шарттайт. Улуттук маданияттардын өз ара таасир тийгизиши ж-а байышы рухий турмуштун ар түрдүү тармактары — тил, адабият, музыка, живопись, архитектура, кино, телекөрсөтүү ж. б. жаатында өтөт. Социализмдин шарттарында, бир жагынан, улуттук тилдер өр алыш гүлдөсө, экинчи жагынан, алардын өз ара таасир тийгизиши ж-а байышы күч алат. Бул процесс кыргыздарда ж. б. өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын башынан өткөрбөгөн элдерде бетопче даапа көрүнөт. Совет бийлигинин түшунда улуттук тилдердин өнүгүшүн ж-а алардын коомдук функцияларынын кеңейишин шарттаган социалдык факторлор түзүлгөн. Кыргыздардын өз жазмасы түзүлүп, эне тилинин орфографиясы иштелип чыккан, илим-билим тармактарынын терминологиясы, окуу куралдары, создүктөрү, улуттук-универсал энциклопедиясы түзүлүп, тил пландуу илимий изилдөөнүн объектисине айланган. Кыргыз тилине марксизм-ленинизмди негиздөөчүлөрдүн эмгектери, орус ж-а дүйнөлүк классиктердин чыгармалары көторулган. Респ-канын мектептеринде окутуу эне тилинде жүргүзүлөт. Социализм мезгилинде улуттук тилдердин байыши ички өсүш жолу м-н гана эмес, боордош элдер м-н катнашуу аркылуу башка тилдердин өсебинен да, социалдык-саясий, илимий ж-а көркөм адабияты улуттук тилдерге көторуу аркылуу да жүрөт. Орус тили СССРдин башка улуттук тилдерине прогрессивдүү таасир тийгизүүдө. Кыргыздын улуттук жазмасы орус графикасынын негизинде түзүлгөн. Орус тили кыргыз тилинин лексикасына, синтаксисине ж-а айрым учурда морфологиясына да оң таасир тийгизүүдө. Ал анын терминологиясынын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүп жатат. Ошону м-н бирге улуттук тилдер орус тилине да таасир тийгизөт. Улуттук тилдердин орус тили м-н өз ара карым-катнашынын патыйжасында орус тилинде башка тилдерден, а. и. кыргыз тилинен кирген көп создор, соз айкалыштары кезигет.

Социализмдин жеңишинин патыйжасында кыргыз соц. улуту адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет элинин составдык бөлүгү болуп калды. Ага жалпы совет адамдарына таандык мүнөздөр: коммунизмдин ишине берилгендик, сов. патриотизм ж-а соц. интернационализм, эмгекке ж-а коомдук менчикке соц. мамиле жасоо, улуттук сыймыкты урматтоо, башка элдерге карата боордоштук сезим, улуттук ж-а расалык болуп жаруучулукка келишпестик, тынчтык ж-а социалдык прогресс үчүн күрөштө бардык өлкелордүн эмгекчилери м-н тилектештик тийиштүү болуп калды. Жетилген соц. коомдун өнүгүү процессинде калктардын миграциясы м-н интернационалдашуусунун күчөшү бардык мамл. уюмдашууларда улуттар аралык тил-

ге муктаждыктын өсүшүнүн объективдүү негизи болуп саналат. Орус тили — элдерди баш коштуруунун ж-а өз ара байланыштыруунун кубаттуу куралы, ал эми кыргыз соц. улуту үчүн — ата мекендик ж-а дүйнөлүк маданияттын мыкты жетишкендиктерине өз болуунун, улуттар аралык катнаштын каражаты болуп калды.

Интернационалдашуунун күч алышы м-н жерг. улуттардын өкүлдөрүнүн СССРдин бардык элдеринин рухий байлыктарын толугураак пайдаланууусуна ж-а өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Кыргызстандын ар түрдүү улуттарынын ж-а элдеринин өкүлдөрү, бүткүл өлкөдөгүдөй эле бири бирине жардамдаша чогуу иштеп, эс алып, жашап ж-а окуп жатышат. Падышачылыктын тушундагы улуттар ортосундагы кастташуунун ж-а ишенбоочулуктун шарттарында ар улуттун өкүлдөрү өз элинин арасында гана жашоого аракеттенишкен. Мис., рев-яга чейинки Пржевальскиде өзбектер, татарлар, уйгурлар, орустар, дунгандар ж. б. өз өзүнчө кочолордо жашашкан. Азыр ар түрдүү элдердин өкүлдөрү бирге ынтымакта турушат. Турмуштун сов. образы респ-када улуттар арасындагы никелердин өсүшүн ж-а үй-бүлө, турмуш тиричилик салттарынын, каадалардын, жоролголордун ж. б. байышын шарттайт. Бирок улуттук өзгөчөлүктордун жоюлушу — узак процесс. Соц. коомдо улуттук айырмачылыктар адамдарды болуп-жаруурга алып барбайт, пайда боло калган улуттук проблемалар ж-а карама-каршылыктар антагонистик мүнөзгө ээ болбой, бүткүл өлкөнүн ж-а айрым респ-канын кызыкчылыгында, коммунисттик курулуштун кызыкчылыгында, боордош кызматташтык духунда чечилет. Кыргыз соц. улутунун соц. ж-а коммунисттик курулуштагы ийгиликтери, анын гүлдөп өсүшүн ж-а СССРдин башка улуттары м-н тыгыз жакындашуусун айгинелеп, элдердин бир туугандык тилектештигинин үлгүсү болуп саналат.

А. И. Нарынбаев

КЫРГЫЗСТАН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА (1941—45)

Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактары фаш. Германиянын СССРге капысынан жүзү каралык м-н кол салышынан кийин тез эле согуштук абалга ыңгайлаштырылып, кайрадан түзүлгөн. Коммунисттик партиянын «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!» деген чакырыгы респ-канын жумушчу, колхозчу ж-а интеллигенциясынын арасында кубаттуу патриоттук колдоого алынган. Алар согуштун биринчи күнүнөн эле коомдук турмушта ж-а өндүрүштө чыгармачыл демилгени көторүп, жан аябай эмгектенүүнүн үлгүлөрүн көрсөтүшкөн. Кадамжай металлургиялык комбинатынын коллективи тездетилген метод м-н жаңы завод ж-а аскердик ишканалар үчүн маанилүү сырьёну — жогорку сапаттагы сурьманы алуучу атайын цех курушкан. Фрунзе механикалык з-ду респ-канын алдыңкы ишканаларына айланган. Заводдун коллективи гидротурбиналар м-н тракторлордун тетиктерин, винт кесүүчү станокторду чыгаруу б-ча 1941-жылдын 1-жарым жылдык планын 105,3%ке аткарган. Завод июлдан баштап коргонууга керектүү продукцияларды да жарымжартылай чыгарууга ылайыкташтырылып, өндүрүштүк планын 44%ке ашык аткарууга өткөн. Заводдун коллективи оздорун согуш бүткөнгө чейин мобилизациялардык деп жарыялашкан. Кок-Жаңгак рудниginин шахтёрлору өндүрүштүк планын ар дайым ашык аткарууга милдеттенишкен. «Капитальный» шахтасындагы механикалык цехтин жумушчулары күндүк нормасын 240—250%ке аткара баштаган. Жеңил ө. ж. ишканалары Сов. Армиянын жоокерлерине кийим тигүүгө өткөн.

Согуш жылдарында аскерге чакырылуу курагындагы эркектердин эмгекке жарактууларынын көпчүлүгү фронтко кеткендигине байланыштуу а. ч-сы көп кыйынчылыкка учураган. Жерг. улуттан 36 миңден ашуун колхозчу Урал, Кузбасс, Караганды, Куйбышевдин заводдорунда, шахталарында, рудниктеринде ж-а темир жолдорунда иштөө үчүн жиберилген. Трактор м-н жылкынын көбү фронтко берилип, а. ч. машиналарын, запас тетиктерди, күйүүчү майларды алуу кескин кыскарган. Эмгекке жарактуу бардык ээлдар м-н өсүрүмдөр а. ч. жумушуна тартылган. МТС м-н совхоздордо тракторист, механизаторлорду даярдоо үчүн курстар ачылып, 1941-жылдын ноябрына чейин бул курстарды 3809 ээл (3193ү трактурист, 616сы комбайнёр) бүткөн. Жаң аябай эмгектенүүнүн патыйжасында кыштактагы эмгекчилер кыска мөөнөттө түшүм жыйноону аяктаган. Респ-канын колхоз-совхоздору 1941-ж. согушка чейинки 1940-жылга салыштырганда данды, пахтаны, эт м-н жүнду бир кыйла көп берген.

Согуштун биринчи күндөрүнөн эле Кыргызстандын аймагында фронт үчүн жаңы резервдерди даярдоо башталган. Кыргызстан м-н Казакстандын жоокерлеринен 316-аткычтар дивизиясы түзүлүп, ал кийин Панфилов атн. гвардиялык 8-аткычтар дивизиясы болуп кайра уюшулган. Кыргызстандан чакырылган жоокерлерден 385-дивизия, 4-, 40-ж. б. аткычтар бригадалары ж-а бир нече атчандар дивизиясы түзүлүп, аларды толук бойдон респ-ка жабдып турган. 40-аткычтар бригадасы



1. Фрунзе ш-ндагы тигүү фабрикасынын стахановчусу Айнек Айткулова (азыр Соц. Эмг. Баатыры) жоокерлер үчүн кийим тигүүдө. 1942. 2. Фрунзе ш-ндагы металл иштетүүчү заводдордун биринде миналарды ташууга даярдоо. 1943.

Гвардиялык генерал-майору И. В. Панфилов дивизиянын штабынын офицерлери менен (курман болордон бир нече саат мурда). Батыш фронт. 1941, 18-ноябрь.





Панфилов атн. 8-гвардиялык аткычтар дивизиясына Ленин орденин тапшыруу. 1942.

Москванын жанындагы кан төгүлгөн оор согушта өзүн даңкка белогон. 385-аткычтар дивизиясы Москвадан Балтика боюна чейин согуш жолун басып өткөн. Кызыл Туулуу гвардиялык 4-аткычтар бригадасы Түн. Кавказда гитлердик аскерлерди талкалаган.

Республикада аскердик белүктөрдү ж-а белукчолөрдү түзүү Улуу Ата Мек. согуштун кийинки жылдарында да жүргүзүлгөн. Мис., 1943-ж. май айында Кыргызстандын аймагында Сов. Союзунун Баатырлары Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев атн. ж-а «Кыргызстандын чекисти» аталган өзүнчө аткычтар батальондору топтолгон. Сов. Кыргызстан соц. мекенди коргоо үчүн өзүнүн 300 миңден ашуун мыкты уулдары м-н кыздарын жөнөткөн. Согуштун биринчи айларында эле Кыргызстандын партиялык уюмдарынан 3561 коммунист, 1942-ж. 5748, согуштун 4 жылында 12 112 коммунист согушун жаткан армияга барган. Респ-канын комсомол уюму 1941—45-жылдарда фронтко 80 миңден ашуун жаштарды жөнөткөн. Алардын көбү оз ыктыяры м-н кеткен. Ар бир 6-кыргызстандык колуна курал алып, гитлердик баскынчыларга каршы салгылашкан.

Москва жанындагы улуу салгылашта бардык сов. элдердин жоокерлери жан албаган туруктуулук м-н күрөшкөн. Генерал И. В. Панфиловдун командачылыгындагы 316-аткычтар дивизиясынын жоокерлери өлбөс-өчпөс баатырдыкты көрсөткөн. 1941-ж. 16-ноябрда Дубосеково разъездинин жанында 28 гвардиячы-панфиловчулар душмандын 50 танкы м-н болгон тендешсиз салгылашта 18 танкты талкалаган. Баатырлардын дээрлик бардыгы курман болгон, бирок душмандын танктары алар коргогон чектен өтө алган эмес. 28 гвардиячы-панфиловчуларга Сов. Союз. Баатыры деген жогорку наам ыйгарылган. Алардын арасында кыргызстандык — Дүйшөнкул Шопоков, Николай Ананьев, Григорий Конкин, Григорий Шемякин, Иван Москаленко бар эле. Сталинград үчүн болгон салгылашта кыргызстандыктар Г. Ф. Пантелеев, А. А. Титов, В. А. Гостев, А. Жумабаев, Т. Бейшеналиев ж. б. каармандыкты көрсөтүшкөн.

Кыргызстандык делегациянын ленинграддык партизандар менен Смольный жанында жолугушуусу.



Харьковго жакын Пятницкий кыштагы үчүн болгон кармашта замбиректин наводчиги сержант Дайыр Асанов немецтик бир нече танк ж-а бронемашинаны, бир топ гитлерчинин жок кылган. Ал корсоткон эрдиги үчүн Сов. Союз. Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

Улуу Ата Мек. согуштун жыл баяндарында 1942-ж. 5-августта денеси м-н душмандын дзотунун амбразурасын тоскон кыргыз жигити, комсомол мүчөсү, Сов. Союз. Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин ысмы түбөлүккө жазылган. Кыргызстандыктар бардык фронттордо тендеши жок баатырдыкты массалык түрдө көрсөтүшкөн. Бул туурасында 1942-жылдын башталышында А. А. Жданов Кыргызстан КП Борб. Комитети м-н Кыргыз ССР ЭКСине: «Кыргыз элинин тайманбас уулдары биздин улуу Ата Мекенибиздин бардык уулдары менен бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып, каарман Кызыл Армиянын жана Флоттун катарларында кажыбас кайраттуулук менен гитлердик сансыз канкорлорго кыйраткыч сокку уруп, салгылашып жатат. Кызыл Армиянын кыргыз жоокерлеринин даңктуу иштери фашисттик немецтер менен болгон Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхына өчпөс барак болуп кирет»,— деп жазган. Михаил Иванович Калинин 1943-ж. 7-мартта



Кыргызстан эмгекчилеринин каражатына курулган «Советтик Кыргызстан» танк колоннасын Советтик Армиянын өкүлдөрүнө тапшыруу. 1942.

«Советская Киргизия» газетасынын редакциясына «Кыргыз жоокерлер баатырдыкты жана кайраттуулукту көрсөтүп, фашисттик баскынчыларга каршы мыкты күрөшүп жатат»,— деген телеграмма жиберген. Кыргызстандын эмгекчилери фронт м-н тыгыз байланышта болуп, сов. жоокерлердин аракетине ар дайым көңүл буруп, аларды эрдикке шыктандырып турган. 1943-ж. респ-канын 700 миң киши кол койгон кат кыргыз жоокерлерине жиберилген. Анда: «Кыргызстандын уулу, сен душмандан кайтарып алган Кавказ менен Волганын шаарлары, Борбордук Россиянын шаарлары Ысык-Кол, Соцкол, Ак-Сай, Талас жана Алай өрөөндөрүндө кыргыз тили менен кыргыз маданиятын, сенин карыган ата-энеңдин өмүрүн, сенин эже-карындаштарыңдын өмүрүн, сен сүйгөн балдарыңдын өмүрүн сактары эсинде болсун...» — деп жазылган. Улуу Ата Мек. согушта көрсөткөн туруктуулугу, баатырдыгы, эрдиги ж-а каармандыгы үчүн Кыргызстандын 150 миң жоокери ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган. Алардын арасында 29 адам Даңк орденинин үч даражасы м-н сыйланып, 71 жоокер Сов. Союз. Баатыры деген жогорку наамга татыган. Булардын 40тан ашууну коммунистер болгон. Кыргызстанда туулуп-өскөн учкуч Талгат Бегелдинович эки жолу Сов. Союз. Баатыры наамы ыйгарылган.

Кыргызстандын ооруктагы калкы да фронт үчүн жан албай эмгектенген. 1941-ж. июлда коргонууга керектүү

эмгек ресурстарын пландуу пайдалануу үчүн жумушчу күчүн эсепке алуу ж-а болуштүрүү б-ча Кыргыз ССР ЭКСине караштуу бюро түзүлгөн. 1941-ж. июлдан

Кыргызстандык Советтер Союзунун Баатырлары

Ф. А. А.	Туулган же жашаган жылдары
Эки жолку Баатырлар	
1944, 1945.	
Бегелдинов Талгат Якубекович	1922
Бир жолку Баатырлар	
1941.	
Дмитриев Николай Михайлович	1917
1942.	
Ананьев Николай Яковлевич	1912—1941
Конкин Григорий Ефимович	1911—1941
Москаленко Иван Васильевич	1912—1941
Панфилов Иван Васильевич	1893—1941
Петренко Григорий Алексеевич	1909—1941
Шемякин Григорий Мелентьевич	1906—1975
Шопоков Дүйшөнкул	1913—1941
1943.	
Али-Назаров Садык	1914—1969
Асанов Дайыр	1922
Белядра Василий Яковлевич	1914—1967
Ванахун Манзус	1907—1943
Выглазов Григорий Исаевич	1919—1942
Жумабаев Ташмамат	1924
Красильников Иван Павлович	1910—1968
Кривощеков Алексей Александрович	1907—1945
Крикун Василий Гаврилович	1918
Немцев Иван Спиридонович	1924
Николенко Павел Фёдорович	1918
Овчаров Степан Семёнович	1909—1943
Пантелеев Гаврил Фролович	1923
Петрищев Василий Петрович	1923
Решетник Иван Семёнович	1924—1968
Сапожников Михаил Григорьевич	1905—1964
Свечников Павел Семёнович	1925—1944
Сущев Степан Захарович	1914
Түлөбердиев Чолпонбай	1922—1942
Фуковский Александр Васильевич	1920
1944.	
Азимов Розу	1925
Асаналиев Жумаш	1923—1944
Волковенко Афанасий Иванович	1907—1944
Гадельшин Хамид Габдулович	1923
Зверев Николай Александрович	1923
Курочкин Ефрем Георгиевич	1921
Мазков Евдоким Константинович	1922—1977
Михайленко Евгений Ефимович	1921—1944
Пасько Евдокия Борисовна	1919
Пономарев Иван Семёнович	1922
Пономарев Павел Сергеевич	1924
Романютин Александр Иванович	1924
Рудь Николай Михайлович	1922
Тешебаев Мамасалы	1923
Титов Андрей Алексеевич	1905
Тихонов Григорий Матвеевич	1912—1944
Царенко Лаврентий Иванович	1914—1973
Чортеков Анварбек	1920
Якубов Осмон	1911—1944
1945.	
Афанасьев Михаил Денисович	1923
Бабкин Михаил Николаевич	1922—1959
Гаврин Иван Фомич	1920
Гришин Иван Александрович	1918
Жаркымбаев Казак	1911—1969
Кайкин Василий Матвеевич	1910—1945
Калашников Николай Семёнович	1913—1944
Колесников Пётр Федосеевич	1922—1945
Лутфулин Сульги	1923
Мирошниченко Николай Прокофьевич	1920—1945
Оторбаев Асанбек	1925—1945
Панфилов Дмитрий Иванович	1913
Пичугин Дмитрий Николаевич	1907—1947
Роденко Константин Герасимович	1923
Садыков Самат	1920—1945
Степаненко Василий Васильевич	1923—1945
Сухин Семён Захарович	1905
Сухов Василий Иванович	1910—1945
Тайгараев Тукубай	1923—1944
Трясин Ерминингельд Васильевич	1911—1982
Үсенбеков Калыйнур	1921
Хименко Андрей Максимович	1915—1944
Циндалис Борис Израилович	1916—1944

Кыргызстандык Даңк орденинин толук кавалерлери

Ф. А. А.	Туулган же жашаган жылдары	Орден ыйгарылган жылдар
Абрамов Алексей Федорович	1925	1944, 1944, 1972
Аубакиров Маннаф	1926—1945	1944, 1945, 1946
Бадигин Михаил Петрович	1923	1944, 1945, 1946
Байтурсунов Насир	1915	1944, 1945, 1945
Бейшеев Үсөн	1920	1944, 1945, 1946
Бокарев Иван Васильевич	1923	1944, 1944, 1980
Буланаков Дмитрий Григорьевич	1913	1942, 1942, 1945
Вуханцев Кирилл Иванович	1919	1945, 1945, 1945
Вертиков Алексей Георгиевич	1922	1944, 1945, 1946
Герасимов Михаил Кузьмич	1920	1942, 1942, 1946
Глотов Николай Тимофеевич	1923	1944, 1944, 1945
Гудименко Николай Иванович	1924—1969	1943, 1945, 1945
Дудко Феодор Иванович	1903	1945, 1945, 1946
Иванов Метислав Борисович	1924	1943, 1945, 1946
Исманов Хусеин	1924—1956	1943, 1943, 1945
Кадыркулов Ыдырыс	1917	1944, 1944, 1945
Карымшаков Абдыкасым	1913	1941, 1945, 1945
Ковпак Алексей Павлович	1918—1967	1941, 1945, 1946
Куров Василий Иванович	1915	1944, 1945, 1945
Ольховский Владимир Сергеевич	1925—1969	1945, 1945, 1945
Осмонов Чыптемир Жанышыкович	1923	1944, 1945, 1945
Паршев Абдурашид	1914—1975	1944, 1944, 1946
Плотников Дмитрий Тарасович	1923	1941, 1945, 1945
Сидлер Давид Мордкович	1905	1944, 1945, 1946
Темляков Дмитрий Андреевич	1924	1944, 1944, 1945
Бокарев Иван Васильевич	1923	1944, 1944, 1980
Фильчаков Михаил Иванович	1910	1944, 1945, 1946
Шишкин Аркадий Дмитриевич	1914	1941, 1941, 1945
Эргинов Дуда Эдиевич	1919	1944, 1944, 1945

1944-ж. январга чейинки мезгилде респ-канын калкынын эмгекке жарамдуу бөлүгүнөн 13 950 киши ө. ж-нда, 4045 киши курулуш м-н транспортто, 4443 адам чым коң даярдоого жиберилген. Натыйжада респ-када жумушчулардын жалпы саны 5 жыл ичинде 28%ке — 1940-жылдагы 36 миңден 1945-ж. 46 миңге оскон. Согуш мезгилинде респ-канын бардык ө. ж-нын жалпы дүң продукциясынын колому согушка чейинки беш жылдыкка салыштырганда 22,2%ке көбөйгөн. Өзгөчө металл иштетүү ө. ж-нын, а. и. машина куруунун продукциясы кескин түрдө оскон. Респ-канын эл чарбасында ө. ж-дын салыштырма салмагы 1940-ж. 50,2% болсо, 1945-ж. 67,5%ти түзгөн. Согуш жылдарында респ-канын колхоз-совхоздору 4,5 млн пуд данды, 2,7 млн пуд картошка м-н жашылчаны, 2,8 млн пуд этти, 372 миң пуд жүндү согушка чейинки 5 жылдагыдан ашык берген. Мындан тышкары колхоз-совхоздор, колхозчулар коргонуу фондуна 4,5 млн пуд дан ж-а 500 миң пуд эт тапшырган. 1940-жылга салыштырганда 1945-ж. колхоздордо уй 21,1 миңге көбөйгөн.

1941-жылдын июлунан ноябрга чейин СССРдин батыш ж-а борб. райондорунан Кыргызстанга 30дан ашык

Күрүч тапшыруу. Кант р-ну, Фрунзе атн. колхоз. 1941.





Кыргызстандык артисттер панфиловдук дивизиянын жоокерлерине концерт берүүдө. Түндүк-Батыш фронт. 1943.

ири завод, фабрика, устакана эвакуацияланган. Фронт зонасынан Никитовка (Донбасс) сымап комбинатынын, Биринчи Май а. ч. машиналарын куруу з-дунун (Запорожье обл., Бердянск ш.), Харьковдогу «Эмгекчилердин деп-соолугу» фармацевтика з-дунун, фарфор буюмдарын чыгаруучу з-дунун, Одессадагы кендир, Курскидеги ж-а Харьковдогу трикотаж, Ростовдогу бут кийим ф-каларынын, Весело-Подольянск, Ново-Быковск, Артемьевск, Смоляпский (Украина), «Антреа» (Карел-Фини респ-касы), «Коллективист» (РСФСР) кант заводдорунун, Москвадагы «Главзаменитель» з-дунун, Ямполь (Украина) спирт з-дунун жабдуулары келген. Украинадан эвакуацияланып келип, Фрунзедеги механикалык з-д м-н бириккен а. ч. з-ду коргонууга керек продукция чыгарууга отун, анын негизги цехи 1941-ж. ноябрда эле продукция бере баштаган. № 2 ж-а № 3 трикотаж ф-калары, «Эмгекчилердин деп соолугу» фармацевтика з-ду, Осоавиахим атн. тигүү ф-касы ишке киришкен. Түстүү металлургия, жеңил ж-а жерг. о. ж-нын ишканалары, кант заводдору ж. б. жаңыдан курула баштаган. Согуш жылдарында Кыргызстанда союздук ж-а респ-калык маанидеги 38 жаңы ири о. ж. объекти-си курулган.

Кыргызстанга СССР ИАнын эвакуацияланып келген биохимия, генетика, өсүмдүктөр физиологиясы, микробиология, палеонтология ж-а эволюциялык морфология ин-ттары жерг. ил. из. мекемелери м-н чыгармачыл бирдикте коргонуу ж-а эл чарбасы үчүн маанилүү темалар б-ча иштешкен. Бул ин-ттарды Советтер Союзунун корүнүктүү илимпоздору башкарган. Алардын

Кыргыз жоокери Берлинде. 1945.



арасында академиктер А. Н. Бах, А. А. Борисяк, Т. Д. Лысенко, П. В. Цицин, СССР ИАнын корр. мүчөсү Х. С. Коштоянц, илимге эмгеги сиңген ишмер, профессор Б. Я. Эльберт, профессорлор П. В. Власенко, Н. М. Сисакян, В. М. Келдыш, Р. Ф. Геккар, Ю. А. Орлов, М. Н. Мейсель, Д. Михалин, А. А. Нечипрович, В. А. Энгельгардт, УССР ИАнын корр. мүчөсү А. М. Утевский ж. б. болгон. Бул илимпоздор респ-канын ил. мекемелерине ар тараптуу жардам көрсөтүшкөн.

Кыргызстанга РСФСР, Украина ж-а Советтер Союзунун башка респ-каларынан бир катар окуу жайлары, театрлар эвакуацияланган. Алардын арасында ССР Союзунун мамл. симфониялык оркестри, Москва миниатюра театры, Одесса рев-я театры, Ростов мамл. университети м-н педагогика ин-ту, Харьков медицина ин-ту м-н коммуналык чарбанын инженерлер ин-ту, Николаев кеме куруу ин-ту, Лесгафт атн. Ленинград дене тарбия ин-ту ж-а Ветеринария ин-ту, Кишинёв а. ч. ин-ту болгон. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети м-н респ-канын өкмөтү алардын жаңы жерде ийгиликтүү иштеши үчүн зарыл болгон шарттарды түзүп берген. Респ-канын партиялык ж-а сов. органдары үчүн эвакуацияланып келген калкты жайгаштыруу иши бир топ татаал маселе болгон. 1941-жылдын жайы м-н күзүндө душман басып алган ж-а фронтко жакын райондордон, Москва м-н Ленинграддан 139 миңдей жумушчу, кол-



Фрунзе ш-нын эмгекчилеринин демонстрациясы. 1945, 9-май.

хозчу, кызматчы келген. Респ-када Польшанын 20 миң гражданы убактылуу эмиграцияда болгон. Алардын бардыгы турак жай, жумуш м-н камсыз кылынган. Согушта ата-энелери ж-а жакындарынан ажырап калган балдарга өзгөчө камкордук көрсөтүлгөн. Кыргызстанга 1941-жылдын ноябрынан 1942-жылдын сентябрына чейин Ленинград, Киев, Одесса, Феодосия, Евпатория, Херсондон, Краснодар крайынан, Кабарда-Балкар АССРинен 3438 баланы камтыган 40тан ашуун балдар үйү көчүрүлүп келген.

1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын уюштурулушу респ-канын илимий турмушунда эң зор окуя болгон. Муну м-н кыргыз илиминин тарыхынын жаңы барагы ачылган. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын иштей баштаган биринчи жылында эле Кыргызстандын фаунасы м-н флорасын, кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын, тилин терең изилдөө үчүн 25 экспедиция уюштурулган. Көп улуттуу совет адабияты фашист баскынчыларга каршы күрөштө күч күрал катары кызмат кылган. Согуштун биринчи күндөрүнөн тартып Кыргызстандын акын, драматург, төкмө ырчы, жазуучуларынын чыгармачылыгынын башкы темасы соц. Мекенди коргоо, элди патриоттукка, Ата Мекен алдындагы ыйык милдетке тарбиялоо болгон. Кыргызстандын 30дай жазуучусу фронтто салгылашкан. Алардын ара-

сында Я. Шиваза, Т. Үмөталиев, У. Абдуканмов, Т. Шамшиев ж. б. болушкан. Жазуучулар М. Элебаев, Ж. Турусбеков, К. Эсенкожоев, Ж. Ашубаев, Ж. Жамгырчиев соц. Мекендин көз карандысыздыгы үчүн курман болушкан.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында театр өнөрүнүн көптөгөн ишмерлери фронтко барышкан. Театрлар өз ишин согушка ылайыкташтырып, Мекенди коргоого ж-а фашизмге каршы күрөшүүгө чакырып, биздин өлкөбүздүн орус ж. б. элдеринин өткөндөгү эрдигин баалаган жаңы спектаклдерди даярдай баштаган. Согуш учурунда жоокерлерди маданий жактан тейлөө б-ча 7 бригада уюштурулуп, иск-вонун 85 мыкты ишмери аларга 2500дөн ашуун концерт беришкен. Согуш мезгилинин оордугуна карабастан окуу жайларынын ишн ийгиликтүү улантылган. Кыргызстанда 230 миң окуучу окуган жалпы билим берүүчү 1600 мектеп, 34 техникум, 6 жогорку окуу жайы иштеген. Мектепке жумшалган каражат согуштун алдында 1940-ж. 172 млн сомду түзсө, 1945-ж. 220 млн сомго жеткен.

Сов. Кыргызстандын жумушчу, колхозчу ж-а интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн делегацияларынын фронтко барып келиши элдердин бир туугандыгы м-н достугун, оорук м-н фронттун бузулбас биримдигин демонстрациялаган Кызыл Армияны урматтоонун айкын-ачык күбөсү болгон. Согуш учурунда мындай делегациялар фронтко 22 жолу барып келген. Фронтко 196 вагон белек жиберилип, алардын 52 вагонун Ленинграддын коргоочулары алган. Коллективдүү белектерден башка да 38 миң жекече посылка ж-а 550 миң чолок тон, кийиз өтүк, тумак, жылуу мээлей, жүн байпак, шырмал фронтко жөнөтүлгөн. Тянь-Шань облыны Кочкор р-нундагы «Арал» а. ч. артелинин мүчөсү коммунист Жоро Жакыбаев тамбовдук ж-а саратовдук колхозчулардын оздөрүнүн жекече чогулткан акчаларын танк ж-а согуштук самолётторду курууга берген саамалыгын колдоп, респ-када биринчилерден болуп «Кыргызстандын колхозчусу» танк колоннасын куруу үчүн 50 миң сомун берген. Ош обл-ныи Совет р-нундагы колхозчу аял, 20 баланын энеси Батыйма Бегалиева 55 миң сомун, 8 баланын энеси Зулия Өмүрзакова 130 миң сомун, көп балалуу Сурамбубү Ибрагимова 105 миң сомун, Түп р-нундагы «Өрпөк» колхозунун председатели Байзак Норузбаев 50 миң сомун көшкөн. Кыргызстандын эмгекчилери согуш жылдары коргонуу фондусуна таштарды ж-а согуш самолётторун куруу үчүн 189 млн сомду акчалай, 964 млн сомдук облигация ж-а 59 кг күмүш жыйнап беришкен. Респ-канын эмгекчилери коргонуу фондусуна дан, эт, май, жүн берип турушкан. Согуш жылдары респ-канын калкы 1 млрд 47 млн сомго облигация, 156 млн сомго акча-буюм лотереясын алышкан.

Пролетардык интернационализм ж-а чыныгы гуманизм принциптеринде тарбияланган кыргыз эли бир туугап Украинанын, Сталинград, Ростов, Курск ж-а Воронеж областтарынын, Молдавиянын, Түп. Кавказдын согушта бүлүнгөн чарбаларын калыбына келтирүүгө көмөктөштү, 20 миң жылкысын, 10 миң уюк, 100 миң кой-эчкисин бекер берген. Сов. Кыргызстан фашист немец баскынчыларынан жапа чеккен областтар м-н райондордун о. ж. ишканаларына ар түрдүү индустриялык жабдууларды жиберген. Кыргызстандыктар өлкөнүн эл чарбасын калыбына келтирүүгө түздөн-түз катышкан. Кыргызстан КП(б) Борб. Комитети баскынчылардан бошотулган райондорго 285 партиялык, сов. ж-а чарб. жетекчини жиберген. Украина, Белоруссия, Кубандын а. ч-сын тезирээк калыбына келтирүү үчүн 133 адисти — МТСтин директорлорун, райондук жер бөлүмүнүн башчыларын, агрономдорду, зоотехниктерди, трактористтер м-н комбайнёрлорду, механиктерди ж. б. жөнөткөн. Кыргызстандыктар бүткүл совет эли м-н бирдикте фронтто да, оорукта да жеңиш үчүн татыктуу үлүшүн кошкон.

С. Токтогонов


СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ МЕЗГИЛИНДЕ

Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н СССРде өнүккөн соц. коомдун курулушу совет элинин түп тамырынан берки социалдык-экон., саясий ж-а маданий кайра курууларын даңазалаган башкы жыйынтык болду. 30-жылдардын алгында экинчи беш жылдык планды (1933—37) ийгиликтүү орундатуунун натыйжасында Сов. Союзунда капитализмден социализмге өтүү аяктап, социализмдин жеңишин 1936-ж. декабрда кабыл алынган СССРдин Конституциясы закон жүзүндө бекиткен. Партиянын 18-съезди (1939) өтмө мезгилдин милдеттерин ийгиликтүү чечилишинин жыйынтыктарын чыгарып, анын натыйжасында өлкөдө соц. коом негизинен курулгандыгы ж-дө тыянак жасаган. Бул тыянак СССРде социализм коомдук турмуштун бардык тармактарында жеңип чыккандыгын, капитализмди реставрациялоонун ички экон. ж-а социалдык-саясий булактары м-н күчтөрү жок кылынгандыгын, ал эми коом болсо өзүнүн негизги белгилери ж-а принциптери б-ча соц. болуп калгандыгын көрсөткөн. КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин жана РСФСР Жогорку Советинин В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган салтанаттуу кошмо заседаниесинде 30-жылдарда биздин өлкөбүздө социализмдин бекем орногондугу, соц. индустриялык-колхоздук державанын күч-кубаты дүйнө жүзүнө толук көрүнгөндүгү, Ленин тарабынан белгиленген жол менен кийинки ири кадамды шилтоо үчүн шарттар түзүлгөндүгү айтылган.

Алга карай шилтенүүчү мындай ири кадам, биздин өлкөбүздө келечекте онүккөн соц. коомду куруу болорун алдын ала В. И. Ленин 1918-ж. эле айткан. Бирок совет элинин тынчтык турмушун, анын түзүүчүлүк эмгегин фаш. Германиянын агрессиясы үзгүлтүккө учуратты. 1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мек. согушта совет элинин жеңиши бүткүл дүйнөнүн алдында соц. түзүлүштүн бекемдигин, анын экон., социалдык ж-а саясий системасынын, идеологиясы м-н моралынын артыкчылыгын далилдеди. Согуштан кийин өлкөнүн алдында эл чарбасын калыбына келтирүүнүн ж-а аны андан ары өнүктүрүүнүн милдеттери турган. Бул болсо соц. коомду куруунун жаңы этабында ж-а акырындык м-н социализмден коммунизмге өтүүнүн партия тарабынан согушка чейинки жылдарда эле коюлган милдеттерин чечүүгө шарт түзмөк.

Коммунисттик партия эл чарбасын калыбына келтирүү үчүн, экономиканы, мамлекеттин бүткүл турмушун тынчтык шарттарга ылайыктап кайра куруу үчүн жалпы элдик күрөштүн уюштуруучусу болду. Калыбына келтирүү иштери бүткүл өлкө б-ча кеңири кулач жайды. Сов. Кыргызстанда ири кайра курулар улантылды. Респ-канын о. ж. 1946-ж. эле бүт бойдон эл чарбасынын ж-а калктын мукаждыктары үчүн продукция чыгарууга өткөн. Ишканаларда 8 саат жумуш күнү, отпускалар, дем алыш күндөрү кайра калыбына келтирилип, милдеттүү түрдө мооноттон ашык иштөө жоюлду. Аскердик чыгымдарды кескин кыскартуу эл чарбасына капиталдык салымдарды ж-а социалдык-маданий иш-чараларга болүнгөн каражаттарды олуттуу көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Сов. Армиянын катарларынан демобилизацияланган дардын эсебинен колхоз-совхоздордо жумушчу күчтөрү көбөйүп, техника калыбына келтирилип, айдоо аянттары кеңейтилген. Партиялык, сов. ж-а чарб. органдар өз иштерин жаңы шарттар м-н милдеттерге ылайык жүргүзүшкөн.

«1946—1950-жылдарда СССРдин эл чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планы жөнүндө законго» (1946, март) ылайык Кыргыз



Сокулук р-нунун «Дружба» к-зунда түшүм жыйноо.

СССРинин Жогорку Совети 1946-ж. августта «1946—50-жылдарда республиканын эл чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планы жөнүндө законду» кабыл алды. Анда өндүрүштүн айрым тармактарындагы, айрыкча а. ч-сындагы артта калуучулукту жоюу зарылдыгы эске алынып, табигый ж-а а. ч. ресурстарын пайдаланууга негизделген о. ж. тармактарын тездетип өнүктүрүү каралган болучу. Кыргызстандын партиялык уюму республиканын эмгекчилеринин төртүнчү беш жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундатуу үчүн күрөшүнө жетекчилик кылды. Кыргызстан Компартиясынын 5-съездинде (1949, 10—14-февр.) белгиленгендей республиканын о. ж-нда структуралык маанилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Бул өзгөрүүлөр болсо согуштан кийинки өнүгүүдө анын ролу бир кыйла өсөндүгүн аныктады. Алды м-н оор о. ж. кыйла өнүгүп, анын продукциясын чыгаруу 1940-жылга караганда 1948-ж. 5 эсеге көбөйүп, ал эми анын эл чарбасындагы салыштырма салмагы 9,6%тен 31,4%ке чейин өскөн. Бул жылдары о. ж-дын негизги тармактарынын бири түстүү металлургия болуп калды.

Төртүнчү беш жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундатуунун натыйжасында о. ж-дын дүң продукциясын чыгарууну согушка чейинки деңгээлден 2,1 эсеге ж-а 1945-жылдын корсоткүчтөрүнөн 75,5%ке ашкан. Ө. ж. продукциясын чыгаруу жыл сайын орто эсеп м-н 11,2%ке өсүп турган. Көмүр казып алуу 1945-жылга салыштырганда 1,7 эсеге, нефть 2,3 эсеге өскөн. Кайрадан түзүлгөн машина куруу о. ж. тездетилген темп м-н өнүгүп, металл кесүүчү станокторду чыгаруу беш жылдыкта 5,6 эсеге көбөйгөн. Энергетикалык база чыңдалып, 1950-ж. электр энергиясы 1940-жылга караганда 3,8 эсеге көп иштелип чыккан. А. ч-сын өнүктүрүүдө да белгилүү ийгиликтер болгон. Респ-ка 1948-жылдын аягында эле малдын бардык түрлөрүнүн санынын өсүшү б-ча согушка чейинки деңгээлден ашып кеткен. Негизги а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү артып, дандын дүң жыйымы 1948-ж. эле 1940-жылдын деңгээлинен ашкан; ал эми план б-ча бекитилген тапшырма 1950-ж. аткарылган. Беш жылдыкта жалпы эле айдоо аянт 14%ке, тех. өсүмдүктөрдүн айдоо аянты болсо 21%ке, а. н. пахтаныкы 39,7%ке көбөйгөн. Колхоздор олуттуу чыңдалып, буга аларды ирилештирүү шарт түзгөн. Алардын болүнгүс фондулары дээрлик 2 эсеге өскөн. Беш жылдыкта колхозчулардын акчалай киреше-лери 2,3 эсеге өсүп, 1950-ж. респ-канын ар бир 7-колхозунун миллион сомдук кирешеси болгон. Төртүнчү беш жылдык планды аткаруу эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын жакшыртууга ж-а маданий деңгээлин бир кыйла көтөрүүгө мүмкүндүк берген. 1947-ж. карточка системасын жоюу, мамл. ж-а кооперациялык эркин сооданы күчөтүү, акча реформасын жүргүзүү, о. эле беш жылдыктын ичинде кеңири керектелүүчү товарлардын баасынын үч ирет төмөндөтүлүшү эмгекчилердин кирешелерин көбөйтүүгө, алардын турмуш деңгээлин көтөрүүгө кыйла таасир тийгизди. Калкка азык-түлүк ж-а о. ж. товарларын сатып өткөрүү кеңири түрдө көбөйгөн. Беш жылдыктын ичинде турак жай курулушуна капиталдык салым 4 эсе өсүп, саламаттыкты сактоо жакшырган. Эмгекчилердин социалдык-маданий кереметтөөлөрүн канааттандырууга сарптоолор өсүп, беш жылдыктын аягында алар республиканын бюджетинин 53%ин түзгөн. Кыргызстандын эмгекчилери респ-калык партиялык уюмдун жетекчилиги м-н согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн жалпы элдик күрөшкө өз салымын кошкон. Жалпы союздук милдеттерди чечүү, жаңа чөккөн райондордун экономикасын калыбына келтирүүдө биргелешип күч жумшоо, сов. респ-калардын экон. өнүгүшүнүн деңгээлдерин андан ары теңдештирүү кыргыз элинин бизден өлкөбүздүн башка бардык боордош элдери м-н биримдигин ого бетер бекемдеп, аның бирдиктүү совет элинин ажырагыс бир бөлүгү экенин сезүүсүн арттырган.

50-жылдарда Кыргыз ССРи сов. респ-калардын бир тууган үй-бүлөсүндө экономикасын өнүктүрүүдө, эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын ж-а маданий деңгээлин жогорулатууда жаңы ийгиликтерге жетишкен. 1951—55-жылдарда о. ж. продукциясын чыгаруу 1940-жылдын деңгээлинен 4 эсеге ашып, 75%ке көбөйгөн. Иштеп жаткандардын катарына жаңы 48 о. ж. ишканасы кошулуп, а. и. Кыргыз тоо-кен байыту комбинаты, Фрунзедеги пахтадан жип ийрүү ф-касы, бир нече рудник ж-а электр станциялары ишке киргизилген. А. ч-сынын капиталдык салымдары төртүнчү беш жылдыкка салыштырганда 2,7 эсеге өсүп, 147 миң *га* айдоо аянты өздөштүрүлүп, дандын жыйымы 1,5 эсеге көбөйгөн. А. ч-сын техника м-н жабдуу да олуттуу өсүп, беш жылдыкта трактор паркынын кубаттуулугу 57%ке арткан. Эмгекчилердин турмуш деңгээлин андан ары жогорулатуу б-ча ири чаралар жүзөгө ашырылган. 1951—55-ж. жалпы аянты 500 миң $м^2$ден ашуун турак жай курулган. 1955-ж. социалдык-маданий муктаждыктар үчүн гана 736,5 млн сом (респ-канын бүткүл бюджетинин 60,9%) сарпталган.

КПССтин кезексиз чакырылган 21-съезди (1959) совет элинин Улуу Октябрдан кийинки мезгилиндеги тарыхый жеңиштөрүнүн жалпы жыйынтыгын чыгарып, СССРдин мыкты өнүккөн экономикасы, алдыңкы илими, техникасы ж-а маданияты бар соц. кубаттуу держава болуп калгандыгын белгилеген. Партиянын лениндик улут саясатынын ишке ашырылышы сов. бардык респ-калардын экономикасынын ж-а маданиятынын болуп көрбөгөндөй гүлдөп өсүшүн, алардын бир туугандык достугунун ж-а ар тараптан кызматташтыгынын бекемделишин камсыз кылган. 1958-ж. Кыргыз ССРинде ири о. ж-дын дүң продукциясын чыгаруу 1913-жылга салыштырганда 868 эсе өскөн. 1940-жылга салыштырганда машина куруунун продукциясы 266 эсе, респ-канын эл чарбасын өнүктүрүүдө капиталдык салымдар 6,3 эсе көбөйгөн. Бул салымдар бүткүл өлкө б-ча жалпысынан 5,1 эсени түзгөн. Мамл. жабдуунун натыйжасында респ-канын чарбаларында трактор парктары иш жүзүндө эки эсеге, дан комбайндары дээрлик 3 эсеге көбөйгөн. Эмгекчилердин жыргалчылыгы ж-а маданий деңгээли кыйлашуусуз жакшырып турган. 1946—58-жылдарда шаарлардагы ж-а жумушчу посёлкалардагы турак жай фондусу эки эсеге, мамл. бюджеттин социалдык-маданий иш чараларга сарптоолор дээрлик 5 эсеге арбыган; респ-канын ар 10 миң киши-сине эсептегенде врачтардын саны 4 эсе, медициналык орто персонал 3,5 эсе өскөн; жалпы орто билим берүүчү мектептердин саны 2 эсе, атайын орто окуу жайларынын окуучуларынын саны 25 эсе, жогорку окуу жайларынын студенттеринин саны 5 эсе, илимий кызматкерлердин саны 7 эседен ашуун көбөйгөн.

КПССтин 21-съезди СССРдин ички өнүгүшүнүн жыйынтыктарын ар тараптан терең талдоонун, о. эле Сов. Союзунун эл аралык абалындагы өзгөрүүлөрдү эске алуунун негизинде биздин өлкөдө социализмдин толук

ж-а биротоло жеңип чыккандыгы ж-дө корутунду жасады. Социализмдин калыптануу тарыхындагы бул маанилүү чек өнүккөн, жетилген социализмди куруудагы зарыл оболго болуп калды. СССРде социализмдин толук ж-а биротоло жеңип чыгышы партия м-н элге тарыхый эң кыска мөөнөттүн ичинде коомдун экономикасынын өнүгүшүндө, социалдык-саясий уюмдаштырылышында ж-а рухий турмушунда пландуулуктун, шайкештиктин бийик деңгээлине жетишүүгө мүмкүндүк берди. Партиянын СССРде өнүккөн соц. коом курулгандыгы ж-дө башкы корутундусу 1967-ж. Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 50 жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниеде айтылган.

КПССтин 24—26-съездери өнүккөн социализмдин ж-а коммунисттик курулуштун проблемаларын марксте-лениндик багытта иштеп чыгууга зор салым кошту. Жетилген социализм ж-дөгү марксте-лениндик окуунун ар тараптан ж-а терең өркүндөтүүдө, коммунисттик курулуштун учурдагы этабынын өзгөчөлүгүн илимий жактан толук аныктоодо партия терең процесстердин, коомдук-экон. закон ченемдеринин көз карашынан, эң алды м-н «коммунизмдин экономикалык жетилүү баскычтары деп аталарлык перселердин» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 25-т., 531-б.) баарын камтыган талдоо позициясынан туруп, өлкөнүн өнүгүшүндөгү негизги этаптарды ачык-айкын ж-а так теориялык баалоонун зарылдыгы ж-дөгү лениндик көрсөтмөлөрдө талнат. Партия өнүккөн социализмди соц. өндүрүч күчтөрдүн ж-а өндүрүштүк мамилелердин, бардык экон., социалдык-саясий, илимий-тех. ж-а рухий процесстердин өтө жетилген мезгили катары дал ушул позициялардан туруп мүнөздөйт. Ал социализмдин жалпы закон ченемдеринө ылайык өз негизинен өнүгүп чыккан бирдиктүү коомдук система болуу м-н, өзүнчө сапаттык даана белгилерге ээ. «Биз жаңы коомду, адамзат алиге чейин билбеген коомду түздүк,— деп белгиленген КПССтин 25-съездинде.— Бул — кризиссиз, экономикасы тынымсыз өсүп турган, жетилген социалисттик мамилелери, чыныгы эркиндиги болгон коом. Бул — дүйнөгө илимий-материалисттик көз караш өкүм сүрүп турган коом. Бул — келечекке, коммунисттик жаркыраган перспективага бекем ишенгендиктин коому. Аның алдында мындан аркы ар тараптуу прогресстин чексиз мейкиндиктери ачылган» (КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977, 99-б.). Өнүккөн социализм мезгилинде коомдун жетилүү даражасынын бардык респ-калардын экономикасынын натыйжасында соц. түзүлүштүн өз табиятынан чыккан мүмкүнчүлүктөрү ж-а артыкчылыктары өтө зор олчомдө ачылып, жүзөгө ашырылат, социализмдин экон. закондорун, социалдык-саясий ж. б. закон ченемдерин толук пайдалануу мүмкүнчүлүк болот. Ошол эле учурда, зарыл болгон техникалык-экон., социалдык-саясий, идеологиялык ж-а рухий оболголордун түзүлүшүнүн натыйжасында өнүккөн соц. коомду ар тараптан өркүндөтүү процесси өз маани-маңызы б-ча аның коммунизмди карай алга ырааттуу адымдашы болуп саналат. КПССтин 25-съезди муну баса көрсөтүү м-н, «биздин өлкөдө бара-бара коммунисттик коомго өсүп — өтө турган өнүккөн социалисттик коомдун курулгандыгын» белгиледи (ошондо, 92-б.).

25—26-съезддердин материалдарында өнүккөн социализмдин табиятына ылайык келе турган эл чарбасынын өтө өнүккөн масштабдарына, коомдук өндүрүштүн тармактык структурасындагы ж-а пропорцияларындагы ири жылыштарга, коомдук кайта өндүрүүнүн мүнөздөгү орчундуу өзгөрүүлөрө, илимди өндүрүш м-н айкалыштыруунун жаңы формаларына, о. ж-дагы ж-а а. ч-сындагы коомдоштуруунун өнүккөн деңгээлине ар тараптан толук мүнөздөмө берилди. Бул өзгөчөлүктөр коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн конкреттүү милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө, элдин материалдык жыргалчылыгын ж-а маданий деңгээлин көтөрүүгө көбүрөөк күч ж-а каражат топтоого мүмкүндүк берет. Партия СССРдеги социалдык жетилген мамилелердин бүткүл системасынын жогорку деңгээлин, жумушчу табынын, колхозчу дыйкандардын ж-а интеллигенциянын, өлкөнүн бардык улуттар м-н элдердин барган сайын чыңалып жаткан интернационалдык ж-а социалдык жалпылыгын түзгөн совет элинин коммунисттик курулуштагы тыгыз кызматташтыгы, эмгекчилердин социалдык ж-а идеялык-саясий бүтүлбас биримдиги, алардын Коммунисттик партиянын, аның марксте-лениндик принциптеринин ж-а идеологиясынын айланасына баш кошкондугу өнүккөн социализм этабына дал келе тургандыгын көрсөткөн.

Өнүккөн социализм этабында соц. турмуш образына мүнөздүү жаңы типтеги социалдык мамилелер толук калыптанып, өнүккөн формаларга ээ болот: «Чыныгы коллективдүүлүктүн жана жолдошчулуктун, баш кошкондуктун, өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин күндөн-күнгө чыңалып жаткан достугунун кыргаалы, бизди ого бетер күчтүү, туруктуу кылып жаткан правалык жакшы кыргаал — биздин турмуш образыбыздын жаркыраган көрүнүштөрү мына ушундай, биздин турмушка каны-жаны менен терең сиңип калган социализмдин улуу жеңиштери мына ушундай» (ошондо, 100-б.). Партия өнүккөн социализми коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзөнтүп куруунун, биздин коомду ар тараптан өркүндөтүүнүн, коммунисттик формациянын жогорку фазасына мүнөздүү болгон сапаттык жаңы элементтерди бара-бара топтоонун мезгили катары карайт.

КПССтин сиңирген эбегейсиз зор эмгеги, аның социализмдин марксте-лениндик принциптерин турмушка ырааттуу ж-а принциптүү түрдө ашыргандыгында, социализми бир жагынан «демократиялык», «рынок-тук», «гумандуу» социализм деген сыяктуу ар кандай концепцияларга каршы, экинчи жагынан, биздин күндөрдө өзүнүн ылылас жүзүн бир кыйла айкын көрсөткөн майда бурж. псевдореволюционаризмге каршы өлдешпес күрөштө куруп, өнүктүргөндүгүндө турат. Социал-демократиянын лидерлери үндөгөн «демократиялык» же «гумандуу» социализм деп аталгандардын ойрон болуп калгандыгы бүгүнкү күндө теориялык жактан гана эмес, учурдагы доордун тарыхый тажрыйбасында да иш жүзүндө далилденип олтурат. Узак убакыт с.-д. партиялар бийликте турган өлкөлөрдүн бири да алар башкарган жылдарда реалдуу социализмге бир кадамга да жакындаган эмес. Майда бурж. псевдореволюционаризмдин концепцияларын үгүттөөчүлөр да иш жүзүндө сызга отуруп калышты.

Жетилген социализми куруунун башкы критерийи болуп өндүрүштүн соц. экономиканын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли саналат. Бул болсо коомдук турмуштун бардык негизги тармактарынын — экон., социалдык, саясий ж-а рухий жактарынын шайкеш, комплекстүү ж-а динамикалуу өнүгүшүн камсыз кылат, о. эле эмгекчилердин тынымсыз өсүп турган материалдык ж-а рухий муктаждыктарын канааттандыруу коомдук өнүгүүнүн башкы максатына айландыруга мүмкүндүк берет. Л. И. Брежнев белгилегендей: «Кубаттуу, алдыңкы катардагы индустрияга, ири, жогорку механикалаштырылган айыл чарбасына таяна турган, бул болсо граждандардын кон түрдүү керектөөлөрүн барган сайын толук канааттандыруруу коомдук өнүгүүнүн иш жүзүндөгү башкы жана түздөн-түз максаты кылып коюуга мүмкүндүк бере турган коом гана өнүккөн социалисттик коом деп атала алат» (Лениндик жол менен, 6-т., 623-б.).

Биздин өлкөдө өнүккөн социализми куруунун жүрүшүндө негизги көп тармактуу индустрия ж-а соц. а. ч., алдыңкы илим, жумушчу табынын ж-а дыйкандардын, экономиканын бардык тармактарындагы адистердин, чарба жетекчилеринин квалификациялуу кадрлары түзгөн кубаттуу экон. комплекс пайда болду. «Социалисттик экономиканын алгачкы негизин чыңдап, биз азыр шаарда да, айыл-кыштакта да чарбанын техника-

лык жактан жакшы жабдылган, жетилген системасына ээ болдук» (СССРдин 50 жылдыгы жөнүндө, Фр., 1973, 69-б.). Өндүрүштүн соц. ыкмасынын, анын өндүргүч күчтөрүнүн ж-а өндүрүш мамилелеринин туруктуу осуп жаткан децгээли соц. өндүрүштү коомдоштуруунун сапаттык жаңы этабында көрүнөт; бул бирдей эле даражада о. ж-на да, а. ч-сына да, аларды концентрациялоого ж-а адистештирүүгө, учурдагы илимий-техникалык рев-ялын жетишкендиктеринин негизинде техникалык жактан жабдууга ж-а кайрадан жабдууга тиешелүү. Өлкөнүн эл чарбасы бирдиктүү комплекске айланып, анын перспективалык ири программалары да комплекстүү чечилүүдө. Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а ургаалдуулугун жогорулатуу өлкөнүн социалдык-экон. өнүгүшүнүн жаңы перспективаларын ачкан реалдык көрүнүш болуп калды.

Сов. Кыргызстандын экономикасы өлкөнүн эл чарба комплексинин ажырагыс составдуу болугу катары бүткүл өлкөнүн кызыкчылыгында да, респ-канын өзүнүн кызыкчылыгында да мамл. бирдиктүү план б-ча өнүгүп жатат. Анын негизин учурдун көп тармактуу индустриясы, мыкты механикалаштырылган а. ч-сы, алдыңкы илим ж-а маданият түзөт. Респ-када согуштан кийинки жылдарда кубаттуу ири өндүрүш түзүлдү. Ө. ж-дын түстүү металлургия, станок куруу, электроника, электртехникалык прибор жасоо, автомобиль, жеңил, тамак-аш сыяктуу ж. б. маанилүү тармактары пайда болуп өнүгүүдө. 1980-ж. Кыргыз ССРинде о. ж-дын 130дан ашуун тармагын камтып, 3700 наамдагы продукция чыгарган 405 ири ишкана болгон. 1913-ж. Кыргызстандын эл чарбасынын дүң продукциясынын жалпы көлөмүндө о. ж. продукциясынын салыштырма көлөмү 2%ти түзсө, 1979-ж. 60%ке жакындан, респ-када бир күндө (1980) чыгарылган о. ж. продукциясы (нарктай алганда) бүткүл 1913-жылдагыга барабар болгон.

Кайсы тармакты албайлы негизги өндүрүш фондулары өндүрүштүн деңгээлин аныктоочу материалдык негиз болуп саналат. Респ-канын бүткүл эл чарбасы б-ча 1980-жылдын башында алар 8,5 млрд сомду түзгон же 1965-жылдын деңгээлинен 4,2 эсе көп болгон. Өндүрүш фондуларынын 80% жаңы техникалык негизде реконструкцияланган же 1966—79-ж. жаңыдан түзүлгөн. Учурдун талабына жооп берген 200 ири ишкана ж-а цех ишке киргизилип, дүң продукция о. ж-да 4,6, колхоз-совхоздордо 1,6, улуттук кирешө 2,3 эсе өскөн. Эл чарбасынын тармактарын жогорку ж-а атайын орто билимдүү адистер м-н камсыз кылуу да олуттуу түрдө жогорулады. 1980-ж. алардын саны 1965-жылга салыштырганда 150,6 миң кишиге көбөйүп, 257 миң кишиге жетти. 1979-ж. о. ж-да эмгек өндүрүмдүүлүгү 1965-жылга салыштырганда 2 эсеге өстү. Техникалык прогрессти аныктаган тармактар өтө тез темп м-н өнүгүп, 1965—79-ж. машина куруу ж-а металл иштетүү продукциясынын жалпы көлөмү 5,7 эсе, а. и. машина куруу 6,7 эсе, электр энергиясы 3,8 эсе өстү. Жеңил о. ж-нда продукциянын жалпы көлөмү 3,6 эсе, а. и. тармактар б-ча: текстиль 4,2, булгаары, мех, бут кийим 3, тигүү 2,0, тамак-аш 1,8 эсе көбөйгөн. Ошентип, коомдук өндүрүштүн кеңири масштабын, туруктуу ж-а жогорку темпте өсүшүн биригтирген чарб. организмдин динамикалуу өнүгүшү жетилген социализмдин шарттарында, бүткүл өлкөдөгүдөй ж-а боордош башка респ-калардагыдай эле, Кыргызстандын да экономикасынын мүнөздүү белгиси болуп саналат.

Өнүккөн социализмдин шарттарында партиянын экон. стратегиясынын өзөгүн өлкөнүн экон. кубаттуулугун андан ары арттыруу, өндүрүштүк фондуларды кеңейтип, түп тамырынан бери жаңыртуу, экономиканын пайдубалы — оор о. ж-дын балансталган, туруктуу өсүшүн камсыз кылуу түзөт. Партиянын экон. стратегиясын жүзөө ашыруунун камсыз кылуучу негизги каражаттардын системасында өндүрүштүн натыйжалуулугун ар тараптан жогорулатууга, эл чарбасынын бардык звенолорундагы иштин сапатына, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшүнө өзгөчө басым коюлду. КПССтин XXV съездинде мындай деп айтылган: «Өлкөнүн алдында турган көп түрдүү экономикалык жана социалдык милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн эмгек өндүрүмдүүлүгүн тез остүрүүдөн, бүткүл коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун кескин түрдө жогорулатуудан башка жол жок. Натыйжалуулукка басым кылуу — биздин бүткүл экономикалык стратегиябыздын эң маанилүү составдык бөлүгү...» (КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1976, 52-б.). Өнүккөн социализмдин шартында, качан экономиканы экстенсивдүү өнүктүрүү мезгили аяктаганда партия биринчи планга чарба жүргүзүүнүн ургаал методдоруна чарбачылыктын бүткүл системасын коомдун оскон мүмкүнчүлүктөрүнө ж-а зарыл кызыкчылыктарына жооп бергидей жаңы деңгээлге көтөрүүгө өзгөчө баса көңүл буруу милдетин койду.

Коммунисттик партия бул милдетти жүзөө ашыруу багытында эл чарбасын башкарууну жакшыртуу б-ча бир катар маанилүү чечимдерди кабыл алган. КПСС БКнын а. ч. өндүрүшүн өнүктүрүү б-ча Март (1965), Июль (1978) пленумдарынын документтеринде, КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин колхозчуларга гарантилланган айлык эмгек акы төлөөну киргизүү ж-догу токтомунда (1966, июль), КПСС БКнын о. ж. өндүрүшүн пландаштырууну жакшыртуу ж-а экон. стимулдаштыруу б-ча Сент. (1965) пленумунун токтомунда, КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин о. ж-ды башкарууну андан ары жакшыртуу б-ча токтомунда (1973, март) өндүрүштүк мамилелерди оркүндөтүүнүн, эл чарбасын башкаруу системасын жакшыртуунун түпкү маселелери чечилген.


Бул чечимдерге ылайык, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстанда да ишканаларды пландаштыруунун ж-а экон. стимулдаштыруунун жаңы методдоруна өткөрүү, өндүрүштүк, илимий-өндүрүштүк бирикмелерди түзүү, өндүрүш тармактарын башкаруунун негизги схемаларын иштеп чыгуу, башкаруунун экон. рычагдарын күчөтүү б-ча чаралар көрүлдү.

Партиянын экон. стратегиясын жүзөө ашыруу б-ча маанилүү чаралар КПСС БКнын «Чарбалык механизмди андан ары өркүндөтүү жана партиялык жана мамлекеттик органдардын милдеттери жөнүндө» токтомунда, КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин «Пландаштыруунун жакшыртуу м-н өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын жогорулатууга чарбалык механизмдин таасирин күчөтүү жөнүндө» токтомунда (1979, июль) белгиленген. Партиянын бул башкы документтери өнүккөн социализмдин мүмкүнчүлүктөрүн бир кыйла толук пайдалануга багытталып, пландоо ишинин деңгээлин жогорулатуу б-ча конкреттүү чараларды аныктаган, чарба органдарын эл чарбасын жогорку натыйжаларга жетишүүгө багыттап, өндүрүштүк кубаттуулуктарды ишке киргизүүнү тездетүүнүн, капиталдык салымдардын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун белгилеген ж-а иштин сапатын жогорулатуудагы чарб. эсептин, экон. рычагдардын, стимулдардын мааниси м-н ролун көтөргөн.

Респ-када бул чечимдерди жүзөө ашыруу б-ча жүргүзүлгөн иш-чаралардын жалпы комплексинде узак мөөнөттүү, беш жылдык ж-а жылдык пландардын бирдиктүү системасын түзүүгө ж-а өнүктүрүүгө, ушунун негизинде пландаштыруунун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга олуттуу маани берилген. Ар тараптан негизделип, өз ара байланыштырылган перспективалуу ж-а жылдык пландардын системасы илимий-техникалык прогрессти 20 жылдык (беш жылдыктарга болуштүрүү м-н) комплекстүү программасын, респ-канын экон. ж-а социалдык өнүгүүсүнүн 10 жылдык (беш жылдыктарга болуштүрүү м-н) негизги багыттарын, экон. ж-а социалдык өнүгүүнүн беш жылдык планын (жылдарга болуштүрүү м-н), респ-канын эл чарбасынын бир жылдык планын камтыйт. Мындай система иштин үзгүлтүксүздүгүн ж-а пландардын стабилдүүлүгүн камсыз кылып, узак мөөнөттүү туруктуу чарб. байланыштарды калыптандырууга, ар бир участкадан өндүрүштүн кошумча резервдерин таап, аларды активдүү пайдалануга мүмкүндүк берет. 1980-жылдан тартып Кыргызстандын көпчүлүк ишканаларында иштин негизги көрсөткүчтөрүнүн системасы өзгөртүлдү. Ар бир ишкананын ишмердигинин натыйжаларын баалоодо ж-а өндүрүштү пландаштырууда нарктай көрсөткүчтөрго салыштырганда натуралай көрсөткүчтөрдүн ролу жогорулады. Продукциянын пландарда бекитилген номенклатурасы кеңейип, ишканалардын көрөктөөчүлөрго продукция таптыруу б-ча өз милдеттенмелерин аткаруудагы, о. эле чыгарган продукциясынын сапатын жогорулатуудагы жоопкерчилиги күчөдү. Экон. стимулдаштыруунун фондуларын түзүү белгиленген ассортиментте таптыруу б-ча пландардын аткарылышына, салыштырмалуу баада товардык продукциянын өндүрүлүшүнө ж-а Мамл. сапат белгисине татыктуу болгон продукциянын чыгарылышына түздөн-түз байланыштырылган. Булар ж-а башка чаралар социализмдин экон. объективдүү закондорунун системасынын аракетине түздөн-түз дал келет.

Өнүккөн социализмдин шарттарында экономикалык ургаалдуу өнүгүүнүн басымдуу факторлорунун ичинен өндүрүштү комплекстүү механикалаштырууну ж-а автоматташтырууну тездетүүнүн, илимий-тех. прогрессти темптерин күчөтүүнүн, өндүрүшкө илимдин ж-а техникалык жетишкендиктерин кеңири киргизүүнүн эсебинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн андан ары жогорулатуу ботончо ролду ойнойт. Жетилген социализмдин этабында социалдык-экономикалык ж-а маданий өнүгүүнүн бардык тармагында илимдин кайра куруучу ролу кыйла толук өлчөмдө жүзөө ашат. Партия азыр коммунисттик курулуштун бардык түпкү милдеттерин жүзөө ашыруу ишин илимий-тех. прогрессти ыкчамдатууга, мунун негизинде өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а иштин сапатын жогорулатууга байланыштырат. КПССтин XXV съездинде: «Биз коммунисттер, социализмдин шарттарында гана илимий-техникалык революция адамдын жана коомдун таламдарына жооп берүүчү туура багытка ээ болот дегенди негиз кылып алабыз, ошону менен бирге, социалдык революциянын түпкү милдети — коммунисттик коомду куруу милдети илимди, техниканы тез өнүктүрүүнүн негизинде гана чечилиши мүмкүн»,— деп белгиленген (КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1976, 57-б.).

Азыркы кездеги илимий-техникалык рев-я илимди, техниканы ж-а өндүрүштү өз ара тыгыз айкалышкан бирдиктүү системага айландыруунун объективдүү зарылдыгын ж-а мында илим кыйла динамикалуу роль ойноорун ого бетер ырастады. Кыргыз ССРинде илимдин жетишкендиктери м-н алдыңкы тажрыйбаны пайдалануунун негизинде өндүрүштү уюштырууну оркүндөтүү, ишканаларды реконструкциялоо ж-а техникалык кайра жабдуу, технологиялык прогрессчил процесстерди колдонуу, продукциянын жаңы түрлөрүн өздөштүрүү, чыгарылуучу буюмдардын сапатын жакшыртуу б-ча иш-чаралары жүзөө ашырылууда. Респ-када онунчу беш жылдыкта илимий-техникалык прогрессти маанилүү милдеттерин чечүүнүн конкреттүү программалары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросунун «Кыргыз ССРинин эл чарбасынын тармактарында илимий-техникалык прогрессти тездетүү жана онунчу беш жылдыкта өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» токтомунда (1976) аныкталган. Аны аткаруунун жүрүшүндө 1976—79-жылдарда респ-канын о. ж-нда 250дөн ашуун цехтерде, участкаларда комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу жүргүзүлүп, механикалаштырылган үзгүлтүксүз, комплекстүү-механикалаштырылган, автоматтык ж-а комплекстүү автоматтык 470төн ашуун линия, автоматтык ж-а комплекстүү-механикалаштырылган 2000ден ашуун установкалар, агрегаттар д. у. с. орнотулган. 1976-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин алдында Илимий-техникалык прогресске жардамдашуу совети түзүлгөн. Анын ишмердиги партиялык, сов., чарб. органдарга, министерстволорго, ведомстволорго, ишканалар м-н уюмдарга, эл чарбасына илимдин, техниканын жетишкендиктерин кеңири киргизүү б-ча иш-чараларды жүзөө ашырууга, иштеги алдыңкы тажрыйбаны пайдалануга, эмгекчилердин демилгесин ж-а чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, илимий-техникалык билимдерди пропагандалоону уюштырууга жардам берүүгө багытталган. Илимоздордун, инженердик-техникалык кызматкерлердин чыгармачыл жигердүүлүгүн андан ары жогорулатуу, илимдин өндүрүш м-н байланышын бекемдөө максатында Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин сунушу м-н о. ж-да, курулушта, транспортто ж-а а. ч-сында илимий-техникалык прогрессти андан ары өнүктүрүү б-ча комплекстүү иш чараларды иштеп чыгуу практикасы, илимпоздор м-н өндүрүштүүлөрдүн биргелешкен соц. милдеттенмелерди кабыл алышы, институттар м-н өндүрүш ишканаларынын чыгармачыл кызматташтык келишимдерин түзүшү, илимий-техникалык коомдук советтерди, комиссияларды уюштурушу, ишканалардын ж-а чарбалардын өзүндө түздөн-түз чыгармачыл иште өнүктүрүүгө кеңири жайылтылган. Кабыл алынган иш-чаралар илимпоз, инженер, жумушчулардын чыгармачыл ойлорун бир кыйла активдештирди. Респ-када 1965-ж. рационализатордук сунуштарды 16 714 киши киргизсе, 1979-ж. 26 269 киши киргизип, ал эми ойлоп чыгарууларды ж-а рационализатордук сунуштарды киргизүүдөн үнөмдөлгөн сумма 1965-ж. 10,1 млн, 1979-ж. 95,4 млн сомду түзгөн.



Ош обл-ның Ленин р-нундагы «Коммунизм» к-зунда пахта ташуу.

Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атп. прибор куруу заводунда ишкананын өнүгүшүнүн экон., социалдык-ж-а техникалык маселелерин комплекстүү, системалуу чечүүгө багытталган «Прогрессчил ой—өндүрүшкө» кыймылы кеңири жайылган. Бул кыймылдын маңызын ишканада иштегендерди бүт өндүрүштүн натыйжалуулугу м-н иштин сапатын жогорулатуу үчүн резервдерин издеп табууга максималдуу катыштыруу, инженердик-техникалык кызматкерлер м-н жумушчулардын чыгармачыл кызматташтыгын өнүктүрүү, аларды өндүрүш процесстерин комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу, прогрессивдүү технологияны киргизүү, эмгекти, өндүрүштү ж-а башкарууну уюштыруунун жаңы формалары м-н методдорун пайдалануу маселелерин чечүүгө кеңири тартуу түзөт. Система коллективде ар бир кызматчынын жалпы ишке максималдуу үлүш кошууга умтулуусун, бардык жаңы, алдыңкы нерсени колдоого алуусун калыптандыруу б-ча күндөлүк уюштуруучулук ж-а тарбиялык ишке негизденет. Система-

ның жогорку патыйжалуулугу иш жүзүндө аныкталды. «Прогрессчил ой — өндүрүшкө» кыймылының катышуучулары тарабынан 1978—79-ж. заводдо 5400дөн ашуун сунуш киргизилип, аның 3166сы кабыл алынып, алардын 2173үү өндүрүшкө пайдаланылган. Натыйжада 1 млн сомдой экон. эффект алынып, эмгек өндүрүмдүүлүгү 25,5%ке жогорулап, пландан тышкары 1 млн сомдой продукция чыгарылып, шарттуу түрдө 400дөн ашуун адамдын эмгеги аткарылган.

Эл чарбасынын конкреттүү маселелери б-ча респ-канын ин-ттарынын, долбоорлоочу-конструктордук, технологиялык уюмдарынын жогорку окуу жайларынын, министерство ж-а ведомстволордун биргелешкен ил. из. иштеринин максаттуу программаларын даярдоо илимдин өндүрүш м-н байланышынын жаңы этабы болгон. Аларда проблеманы изилдөөдөн анын натыйжаларын өндүрүшкө киргизүүгө чейинки иштердин бүткүл комплекси, аларды илимий кадрлар, финансы ж-а материалдык-техникалык ресурстар м-н камсыз кылуу алдын ала каралган. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин чечими б-ча респ-канын бир катар ө. ж. ишканалары илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын тажрыйбалык-о. ж-лык текшерүү ж-а аларды өндүрүшкө кеңири киргизүүчү база катары бекитилген. Чарб. келишим жолу м-н изилденүүчү иштердин да тематикасы бир кыйла кеңейтилген. Респ-канын ИАнын Автоматика ин-ту өзүнүн илимий изилдөөлөрүнүн үчтен бирине жакынын курулуш материалдарынын, мелиорация ж-а суу чарба министерстволорунун ишканалары, машина куруучу заводдор м-н түзүлгөн чарб. келишимдерге ылайык жүргүзөт. Органикалык эмес ж-а физикалык химия ин-ту Кадамжай сурьма комбинаты м-н тыгыз байланышта иштейт. 1976-ж. тиешелүү ил. из. ин-ттарынын, тажрыйба станцияларынын ж-а адистештирилген чарбалардын базасында түзүлгөн дыйканчылык ж-а мал чарбачылык б-ча илимий-өндүрүштүк бирикмелер а. ч. илиминин патыйжалуулугун жогорулатууга, илимдин жетишкендиктерин колхоз-совхоз өндүрүшүнө тезинен киргизүүгө көмөк берүүдө.

КПССтин 25-съезди көрсөткөндөй, а. ч-сын андан ары өнүктүрүү азыркы этаптагы соц. экономиканын негизги орчундуу проблемаларынын бири болуп саналат. Партия а. ч-сынын өлкөнүн экономикасындагы ж-а калктын жыргалчылыгын жогорулатуудагы зор ролун эске алуу м-н өзүнүн жалпы саясий багытынын ажырагыс составдык бөлүгү катары агрардык саясатты иштеп чыгууга ж-а оркүндөтүүгө өтө жогорку маанини берүүдө. КПССтин учурдагы агрардык саясаты а. ч-сын ар тараптан өнүктүрүүнүн комплекстүү кеңири программасында чагылдырылган. Ал болсо КПСС БКнын Март (1965) ж-а андан кийинки пленумдарынын документтеринде иштелип чыгып, партиянын 23—26-съездеринин чечимдеринде өнүктүрүлгөн. Бул программанын негизги мазмунун а. ч. өндүрүшүн кыйшаюусуз жогорулатуу, а. ч. эмгегин кайра жаңыртып түзүү, айыл-кыштактын турпат-көрүнүшүн андагы өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү м-н коомдук мамилелерди оркүндөтүүнүн ажырагыс биримдиги ж-дегү лениндик идеяны андан ары жүзөго ашыруунун негизинде өзгөртүү проблемаларын өз ара байланышта чечүү түзөт. Партия өзүнүн агрардык саясатын такай өнүктүрүп туруу м-н өнүккөн социализмдин мүмкүнчүлүктөрүн толугураак пайдалануу, а. ч-сын ар тараптан жогорулатууну, айыл-кыштактын өндүрүштүк-техникалык, экон. ж-а коомдук-саясий маселелерин комплекстүү чечүүнү камсыз кыла турган экон., материалдык-техникалык, уюштуруучулук ж-а социалдык ин-чаралардын узак мөөнөттүү тыкан программасын иштеп чыгып, аны ырааттуу түрдө турмушка ашырып жатат. Өнүккөн социализм этабында партиянын агрардык саясаты көбүнчө ургаал факторлорду пайдалануурга багытталган. А. ч. өндүрүшүн ургаал өнүктүрүүгө багыт алуу, аны учурдагы индустриялуу негизге көчүрүү а. ч-сынын материалдык-техникалык базасын ар тараптан бекемдеп, техникалык жактан дагы кайра жабдуу-ну, аны химиялаштыруунун деңгээлин которүүнү, жерди мелиорациялаштыруунун ири программаларын ишке ашыруну, өндүрүштү уюштырууну жакшыртууну, адис кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууну шарттайт.

Кыргызстандын а. ч-сы өлкөнүн бүткүл а. ч. комплексинин ажырагыс бөлүгүн түзүп, анын арымдуу алга жылышынын жалпы нугунда өнүгүү м-н партиянын агрардык саясатын турмушка ырааттуу түрдө ашыруусунда ар дайым анын камкордугунда болуп келген. Тармакты өнүктүрүүгө багытталган капиталдык салымдар дайыма өсүп турган: КПСС БКнын Март (1965) пленумунан мурунку жети жылдыкта а. ч-сына капиталдык салымдар алардын респ-ка б-ча жалпы көлөмүнүн 26%ин түзсө, 8-беш жылдыкта 31%ин, 9-беш жылдыкта 32%ин, 10-беш жылдыкта болсо 36%ин түзгөн. 1979-ж. колхоз-совхоздордун негизги өндүрүш фондулары 1965-жылдын деңгээлинен дээрлик 3 эсеге жакын, дүң продукциясынын көлөмү 1,5 эседен ашуун өскөн. 1976—79-жылдарда 1962—65-жылдарга салыштырганда бир *га* жерден алынган жылдык орточо түшүм дан б-ча 10 *цден* 26 *цге*, а. и. сугат жерлерден 13 *цден* 37 *цге*, пахта 21 *цден* 29 *цге*, кант кызылча 335 *цден* 373 *цге*, тамеки 14 *цден* 22 *цге*, картошка 91 *цден* 122 *цге*, жашылча 177 *цден* 206 *цге*, бакча мөмөлөрү 95 *цден* 134 *цге* көбөйгөн. Коомдук мал чарбасынын кунардуулугу да кыйла жогорулаган. Бул жылдары ар бир уйдан жылына сүт саап алуу орто эсеп м-н 1855 *кгдан* 2655 *кгга* чейин, ар бир койдон жүн кыркып алуу 3 *кгдан* 3,2 *кгга* чейин, ар бир тооктон жумуртка алуу 92 даанадан 185 даанага чейин оскон. Өндүрүштүн өсүшү а. ч. продукциясын даярдоону да бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. 1965—79-жылдарда мамлекетке дан, эт, жүн сатуунун көлөмү 2 эсеге, тамеки, жашылча, бакча мөмөлөрү 3 эсеге, жумуртка 4 эсеге, мөмө-жемиш 5 эсеге арбыган.

А. ч-сынын патыйжалуулугун жогорулатуу б-ча чаралардын кеңири комплексинде өндүрүштү чарба аралык кооперациянын ж-а агрардык-о. ж-лык интеграциянын базасында адистештирүү ж-а топтоштуруу борб. орунду ээлейт. Партиянын 25-съездинин чечимдеринде, КПСС БКнын «Айыл чарба өндүрүшүн чарбалар аралык кооперациянын жана агрардык-өнөр жайлык интеграциянын базасында адистештирүүнү жана топтоштурууну андан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтомунда (1976, июнь) а. ч. өндүрүшүн кеңири кооперациялоонун базасында адистештирүү ж-а топтоштуруу аны учурдун индустриялык негизине которуу — бул социалисттик а. ч-ны андан ары өнүктүрүүдөгү магистралдык багыт, лениндик кооперация планынын идеяларын өнүккөн социализмдин шарттарында практикада жүзөго ашыруунун жаңы этабы катары корсөтүлгөн. Партия бул процессти индустриялык типтеги жогорку товардык ири а. ч. ишканаларын түзүү максатында колхоз-совхоздордун күч-аракеттерин андан ары бириктирүү катары, бардык чарбаларды адистештирүүнү күчөтүү, тармак аралык байланыштардын жаңы формаларынын пайда болуу ж-а өнүгүү, өндүрүштүн структурасынын ж-а өзгочолугунун түп тамырынан өзгөрүү процесси катары мүнөздөйт.

Респ-када 10-беш жылдыктын башталышында а. ч. өндүрүшүн учурдун талаптарына ылайык адистештирүүнү күчөтүү б-ча иш-чаралар кабыл алынган. Область, район, колхоз-совхоздордо өндүрүштү чарба аралык кооперациянын базасында адистештирүүнүн ж-а концентрациялоонун узак мөөнөттүү схемасын иштеп чыгууну аяктап, ал Кыргызстан КП БК тарабынан кубатталган. 1980-жылга чейин Кыргызстанда чарба аралык 165 комплекстн, агро-о. ж. ишканаларын, өндүрүштүк ж-а илимий-өндүрүштүк бирикмелерди, эт, сүт, тоют, үрөн өндүрүү, тол өстүрүү б-ча адистештирилген чарбаларды ж. б. камтыган жаңы типтеги тармак түзүлүп, ийгиликтүү иштоодо. 1979-ж. респ-канын



№ 54 жылкы э-дүнүн койлору. Ысык-Көл р-ну.

комплекстеринде ж-а чарба аралык бирикмелеринде коомдук сектордо саалып алынган бүткүл сүттүн 35%тен ашуунү, үйдүн үстөк салмагынын 37%, чочко этинин 43% алынган, ал эми чарба аралык комплекстерде малды бордоп семиртүү үй этинин 70%ин берген. Чарба аралык ишканалар, комплекстер, бирикмелер өздөрүн өндүрүш фондуларын кыйла толугураак ж-а жогорку кайтарым м-н пайдаланып, жумушчу күчүн пайдалануюда сезондуулукту жойгон жогорку рентабелдүү ж-а перспективалуу чарбалар катары көрсөтүштү. Аларда көп тармактуу чарбаларга салыштырганда продукциянын бирдигин өндүрүүгө сарпталган эмгек 2,5—3 эсеге, анын оздук паркы 1,5—2 эсеге төмөн болгон.

Бүткүл өлкөдөгүдөй эле Кыргызстанда а. ч. өндүрүшүн механикалаштыруу процесси жогорку темпте м-н жүрдү. 1965—79-ж. чарбалардын машина-трактордук паркы дээрлик толук жаңыртылды. А. ч-сы техникалык кайра жабдуунун мындай масштабдарын али биле элек болучу. А. ч. эмгекчилери 1979-ж. гана 2949 трактор, 2347 жүк ташыгыч, атайын жабдылган 438 автомобиль, 845 дан жыйнагыч, 272 силос жыйнагыч комбайн, 1211 пресс-таңгактагыч ж. б. алышкан. Колхоз-совхоздорду учурдун жогорку өндүрүмдүү техникасы м-н жеткиликтүү жабдуу, а. ч. өндүрүшүн комплекстүү механикалаштыруу б-ча иштн активдештирүүгө мүмкүндүк берип, мунун натыйжасында 11-беш жылдыкта өтө эң маанилүү осумдүктөрдү остүрүүнү комплекстүү механикалаштыруунун негизинен аяктоо, мал чарба фермаларында ж-а тоют даярдоодо кол эмгегин мүмкүн болушунча кескин кыскартуу каралган. Респ-канын а. ч-сын ургаалдаштыруунун орчундуу звеносу катары аны химиялаштыруу процесси кеңири жайылтылып, оркүндөтүлдү. А. ч. продукциясынын көбөйүшүнүн жарымына жакыны химиялык жер семирткичтерди билгичтик м-н кеңири пайдалануунун натыйжасында болгонун тажрыйба көрсөттү. Кыргызстанда минерал жер семирткичтерди пахта, кант кызылча, тамеки, картошка, жашылча ж-а бакча өсүмдүктөр айдалган жерлерге толук пормада чачуу камсыз кылынып, эми аны м-н дан, тоют өсүмдүктөрү, көп жылдык чөп айдалуучу жерлерди ж-а жайыттарды камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлүүдө. Бул максатта а. ч-сына минерал жер семирткичтерди жеткирүү жылдан жылга көбөйүүдө. 1965-ж. алар 398,9 миң *т* болсо, 1979-ж. 965,5 миң *т*га жеткен. Бул болсо а. ч. өндүрүшүнүн бир кыйла өсүшүнө шарт түздү.

Айыл чарбасынын сапатын жакшыртууда жерди мелиорациялоо маанилүү орунду ээлейт. Респ-када сугат дыйканчылыгын, мелиорациялык курулушту өнүктүрүүгө ар дайым чоң маани берилип келген. КПСС БКнын Май (1966) пленумунун чечимдеринө ылайык Кыргызстанда мелиорациялык ири чаралар жүргүзүлгөн. Респ-када 1966—76-ж. сугат жерлери 124 миң *га*га көбөйүп, 1200 миң *га* жайытка суу чыгарылган, а. ч-сындагы сугат жерлеринин андан ары арбыпы жогорку темп м-н жүргүзүлдү; 10-беш жылдыкта гана жерди мелиорациялоого ж-а аларды а. ч-лык максатта өздөштүрүүгө 525 миң сом болүнгөн. 70-жылдардын алгында ири суу чарба объектилерин: Киров суу сактагычын, Кемпир-Рабат каналынын оң тарабын, Түш. Чоң Чүй каналын куруу ж-а Куланак өрөөнүн, Бүргөндү массивин сугаруу ж. б. аяктады. КПССтин 26-съездинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 17-съездинин чечимдерине ылайык респ-када мал чарбасын мындан ары өнүктүрүү б-ча Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин үйдү көбөйтүү, анын тукумун асылдандыруу, мамл. асыл-тукум көй заводдорунун ишин жакшыртуу, жылкы чарбасын андан ары өнүктүрүү, мал чарба фермаларын техникалык жактан тейлоону кеңейтүү, реконструкциялоо ж-а жакшыртуу, респ-канын мал чарбасы үчүн жумушчу кадрларын даярдоо б-ча атайын токтомдорунда каралган иш чаралар жүзөго ашырылууда.

Бүткүл өлкөнүн ж-а анын составдуу бөлүгү катары ар бир респ-канын экономикасын өнүктүрүүнүн кубаттуу стимулу — респ-калардын жалпы элдик милдеттерди чечүүдөгү өз ара жардамдашуусу ж-а кызматташуусу. Бүткүл өлкөнүн өндүрүч күчтөрүн өркүндөтүү максатында өндүрүштү респ-калардын минералдык, энергетикалык ж. б. жаратылыш ресурстарын толук пайдалануу зарылдыгынан келип чыккан адистештирүү ж-а кооперациялоо боордош респ-калардын экон. байланыштарынын мындан ары өсүшүнө шарт түзөт. Адистештирүү бүткүл өлкө б-ча ж-а тийиштүү зарыл шарттары бар респ-каларда продукциянын айрым түрлөрүн толук, үнөмдүү, натыйжалуу даярдоо милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда адистештирүү респ-калардын чарбаларынын жаратылыш ресурстарын ж. б. конкреттүү жагдайларын эске алуу м-н аларды ар тараптуу, комплекстүү өнүктүрүүнү жокко чыгарбайт. Мис., Кыргыз ССРинде мал чарбасы, жеңил, эт-сүт ж-а тамак-аш ө. ж. м-н бир катар электр-энергетика, машина куруу, түстүү металлургия, курулуш материалдар ө. ж. ургаал өнүгүп жатат. Ар бир сов. респ-канын соц. интернационализми баарынан мурда анын өз мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө мүмкүн болушунча көбүрөөк салым кошууга, бүткүл өлкөнүн экономикасынын жалпы жогорулашын камсыз кылуу үчүн өзүнүн жерг. ресурстарын — жаратылыш шарттарын, кен байлыктарын, эмгек резервдерин толук ж-а натыйжалуу пайдалануурга умтулганынан көрүнөт.

Өнүккөн социализмдин шартында массанын чыгармачыл демилгесин өнүктүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун кубаттуу каражаты соц. мелдеш болуп саналат. Ал Улуу Окт. соц. рев-ясынын 60 жылдыгында жалпы элдик кулач жайып, ага шаарлар м-н кыштактардын 890 миң эмгекчиси катышкан. Юбилейлик жылдагы мелдештин өзгочолугу аның массалык мүнөздө гана болгонунан эмес, турмушта текшерилген демилгелерди ж-а башталмаларды кеңири колдоолордон, эмгекчилердин Улуу Октябрдын 60 жылдыгын татыктуу тосуп алууга умтулгандыктарынан келип чыккан жаңы саамалыктардан көрүнөт. Партиянын Таш-Көмүр шаардык комитетинин демилгеси б-ча шахталарда, шаардын о. ж. ишканаларында, курулуш ж-а транспорт уюмдарында ростовдуктардын «артта калуучуларсыз иштейбиз» деген демилгеси кеңири жайылтылган. Ал партиялык уюмдардын эмгек коллективдериндеги иштиктүү тарбиялык ж-а уюштуруучулук иши м-н бекемделген. Натыйжада өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а иштин сапатын жогорулатуунун көшүмча резервдери табылып, кеңири пайдаланылган. Фрунзе ш-нын о. ж., курулуш ж-а транспорт жумушчулары — КПССтин 25-съездинин, Кыргызстан

Компартиясынын 16-съездинин делегаттары «Октябрдын 60 жылдыгына — эпкиндүү он күндүктөр» деген демилге м-н чыгышкан. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин бюросу кубаттаган бул демилге респ-канын коптогон ишканаларында колдоого алынган. Октябрдын юбилейин татыктуу тосуп алуу үчүн күрөштү жумушчу табы м-н бирге респ-канын а. ч-сынын эмгекчилери да жайылтышкан. Алардын башында партиялык уюмдар туруп, алар партиялык-чарб. активдерде соц. милдеттенмелерди аткаруунун конкреттүү жолдорун аныкташкан. Соц. мелдеш респ-канын областтарынын, шаарларынын, райондорунун, о. эле Кыргызстандын Ош обл. м-н Өзбекстандын Анжиян обл-ныи, Фрунзе м-н Дүйшөмбү ш-ларынын ж. б. ортосунда кеңири жайылтылган.

Совет адамдары Улуу Окт. соц. рев-ясынын 60 жылдыгын зор саясий ж-а эмгектик жогорулаштын кыдаалында салтанаттуу белгилешти. Бүткүл совет элиндей эле Кыргызстандын эмгекчилери да бул даңазалуу датага зор ийгиликтер ж-а жеңиштер м-н келишкен. «Беш жылдыкты — Улуу Октябрдын юбилейине» деген саамалыктын демилгечилери Кыргызстан камвол-ноотү комбинатынын ийрүүчүлөрү Н. С. Лавская, Т. Нурмамбетова, Фрунзедеги ВЛКСМ атн. тигүү өндүрүштүк бирикмесинин тигүүчүсү С. Эшбаева, Ош текстиль комбинатынын токуучусу Т. Ильина ж-а алардын жолун жолдоочулар, Фрунзедеги трикотаж өндүрүштүк бирикмесинин тигүүчүлөрү Б. Ягникова ж-а Р. Абдылдабекова, Миң-Куштагы «Өргтехника» з-дунун кыр чыгаруучусу М. Я. Якубенко, Оштогу Н. К. Крупская атн. тигүү ф-касынын тигүүчүсү Т. Хамматова ж. б. өзүнө таандык беш жылдык пландарын аткарышкан. Эмгектеги зор жетишкендиктери ж-а мелдешти өркүндөтүүдөгү демилгеси үчүн, тейлөө зоналарын кеңейтүүнүн, үнөм режимин камсыз кылуунун негизинде калк керектөөчү товарларды өндүрүүнү арттырып, санатын жакшырткандыгы үчүн Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын ийрүүчүсү Н. С. Лавская 1977-ж. СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон.

Октябрдын 60 жылдыгына карата өздөрүнүн юбилейлик жылдагы соц. милдеттенмелерин — 2 жылдык тапшырмасын респ-канын о. ж. өндүрүшүнүн 43 миңден ашуун алдыңкылары, 86 цехтин коллективи, 1120 бригада ж-а коптогон ишканалар ийгиликтүү аткарышкан. Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу з-дунун коллективи мурдагы моделден эмгек өндүрүмдүүлүгү эки эсе арбын болгон жаңы ПС-1,6 пресс-таңгактагычтарын сериялык өндүрүшкө киргизип, соз өтөсүпө чыгышкан. Фрунзедеги бут кийим өндүрүштүк бирикмеси белгиленген тапшырмадан тышкары 650 миң сомдук бут кийим чыгарып, соода тармагына 285 миң жуп бут кийимди Мамл. сапат белгиси м-н жөнөткөн. Респ-канын шахтёрлору да юбилейлик милдеттенмелерин ийгиликтүү аткарышкан. Юбилейге карата «Түндүк» шахтасынын тазалоо забоюнун жумушчуларынын И. Медведев жетектеген бригадасы беш жылдыктын баштапкысынан бери миллион *т* комүр казып чыгарган. Иштин жогорку сапаты үчүн мелдештин демилгечиси— Октябрдын 40 жылдыгы атн. Фрунзе кийим тигүү ф-касынын коллективи соц. милдеттенмелерин ашыгы м-н аткарган. Мында ар бир 3-моделди Мамл. сапат белгиси м-н чыгарышкан. Фабрикага «коммунисттик эмгектин ишканасы» деген ардактуу наам ыйгарылган.

Юбилейлик соц. мелдешто а. ч. өндүрүшүндө да мыкты натыйжалар болуп, респ-канын мамлекетке пахта, жүн, жашылча, картошка, жемиш, бакча мөмөлөрүн, жүзүм, эфир-май өсүмдүктөрүн, жибек пилласын тапшыруу б-ча соц. милдеттенмелери аткарылган. Пахтачылардын арасынан ар гектардан 60 центнерден түшүм үчүн кыймылдын демилгечилери: Ош обл-ныи Ленин р-пундагы «Коммунизм» к-зунан Соц. Эмг. Баатыры К. Султанов, М. И. Калинин атн. колхоздон М. Акчабаев жетектеген бригадалар ж-а алардын жолун жолдоочулар — «Кызыл-Жар» совхозунан Соц. Эмг.




Кант кызылчасын тазалоочусуз жыйноо ыкмасы. Москва р-пунун «Красный Октябрь» к-зу.

Баатыры Ж. Шералиевдин, «Ленинград» колхозунан Н. Ахметжановдун, «Коммунизм» колхозунан М. Абдыкаимовдун бригадалары соц. мелдештин жеңүүчүлөрүнөн болушкан. Респ-канын кызылчачыларынын ичинен Сокулук р-нунун эмгекчилери оздорүнүн соц. милдеттенмелерин биринчи болуп аткарышкан. В. Ивченко м-н А. Граубергердин звеполору озгочо айырмаланган. СССРдин 60 жылдыгы атн. үрөн чарбасы, Я. Ауст, Г. Третьяков, В. Харитоновдун звенолору алдыда болгон мал чарбачылыгы б-ча Кыргыз илимий-өндүрүштүк бирикмесинин Сокулук тажрыйба чарбасы райондун кызылчачыларынын эмгектик жеңишине зор салым кошкон. Бул чарбаларда орточо түшүмдүүлүк ар гектардан 600 *ц*ден ашкан. «Дружба» колхозунан Т. Дегембаеванын звеносу ар гектардан 650 *ц* кызылча өстүргөн. Токтогул р-нундагы «Кетмен-Тобо» совхозунун дыйкандары ар гектардан 104 *ц*ден жүгөрү дандын алышкан. Соц. Эмг. Баатыры, Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын лауреаты А. Мамыров жетектеген звено 1980-ж. ар гектардан 149,6 *ц*ден жүгөрү дандын алган.


Респ-канын малчыларынын ичинен беш жылдыктын тапшырмаларын моонотүнөн мурда аткаруу үчүн мелдештин демилгечилери — алдыңкы чабандар Т. Айдаров, Б. Айтбаев, Т. Акматов, К. Жунушев, М. Семёнов, И. Осмонкулов, Х. Хубиев, Д. Чойбеков ж. б. жогорку натыйжаларга жетишкен. Ленинполь р-нундагы «Бейшеке» колхозунун баш чабаны, Соц. Эмг. Баатыры Б. Айтбаев эмгектеги көрүнүктүү жетишкендиктери, өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а мал чарба продукциясынын сапатын орчундуу жогорулатууну камсыз кылган илимий изилдоолордун ж-а алдыңкы тажрыйбанын натыйжаларын кеңири пайдаланғандыгы үчүн 1977-ж. СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. Мелдештин демилгечилеринин жолун жолдогон бир жарым миңден ашуун чабандык бригада ар 100 тубар койдон 120дан ж-а андан көп козу, 3000 чабандык бригада ар койдон 4 *кг*дан ашуун жүн кыркып алышкан. Эмгек алдыңкылары юбилейлик жылдын кой чарба продукциясын өндүрүү б-ча тапшырмаларын ийгиликтүү аткарууга зор салым кошту. Респ-када 1977-ж. 3824 миң козу алынып, мамлекетке 38 878 *т* жүн сатылган. Улуу Октябрдын 60 жылдыгынын урматына алынган өздүк соц. милдеттенмелерин көптөгөн саанчылар, жылкычылар, чочко багуучулар, малды бордоп семиртүүнүн операторлору, бакма канаттуулар фабрикаларынын кызматкерлери ийгиликтүү аткарышкан.

Респ-канын эмгекчилери КПССтин 25-съездинин чечимдерин турмушка ашыруу м-н өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а иштин сапатын андан ары жогорулатуу үчүн Бүткүл союздук соц. мелдешке активдүү катышып, экономика, илим ж-а маданиятты өнүктүрүүдө, эмгекчилердин жыргалчылыгын арттырууда зор ийгиликтерге жетишкен. Жүздөн ашык о. ж. ишканасы, 150 миңдей өндүрүш алдыңкылары 10-беш жылдыктын тапшырмаларын ж-а кабыл алган милдеттенмелерин моонотүнөн мурда аткарышкан. 1976—80-ж. улуттук киреше 9-беш жылдыкка салыштырганда 3 млрд сомго өскөн. Ушул эле мезгилде негизги өндүрүш фондулары 4 млрд сомго, о. ж. өндүрүшүнүн көлөмү 4,7 млрд сомго көбөйгөн. Беш жылдыкта финансылоонун бардык булактарынын эсебинен 4,7 млрд сомдук капиталдык салымдар өздөштүрүлгөн, 58 ири о. ж. ишкана ж-а цех, а. и. Токмок ш-ндагы камвол-ийрүү ф-касы, Рыбачье ш-ндагы тегирмен комбинаты ж-а аралаш тоют з-ду, Таш-Көмүр ш-ндагы тамеки ферменттөө з-ду, Беловодский кыштагындагы ири панелдүү турак жай куруу з-ду, Кара-Көл — Фрунзе ЛЭП-500 бийик тоолуу линиясы курулуп, ишке киргизилген. М. В. Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу, Кыргызстан электр кыймылдаткыч з-ддорунда, Фрунзе ТЭЦинде өндүрүш кубаттуулуктары өскөн. А. ч-сында 5 жыл ичинде 5 млрд 228 млн сомдук дүң продукция өндүрүлүп, бул 9-беш жылдыкка салыштырганда 750 млн сомго көп болгон. 1979-ж. гектарынан 26,4 *ц*ден дан алынып, мамлекетке 303,8 миң *т* дан сатылган. Бул пландык тапшырмадан 13,8 миң *т*га ашып кеткен. А. ч. продукциясынын бардык башка негизги түрлөрүн алуу ж-а даярдоо көбөйгөн.

Жетилген социализм коому партия тарабынан коюлган социалдык-экон. негизги милдеттерди чечүү үчүн бай ресурстарга ээ. «Бул баарынан мурда,— деп белгиленген партиянын 25-съездинде КПСС БКнын отчёттук докладында,— советтик адамдардын турмуш жыргалчылыгын мындан ары жогорулатууга, алардын эмгек жана турмуш тиричилик шарттарын жакшыртууга, саламаттык сактоонун, элге билим берүүнүн, маданият-



Тянь-Шань тоосунда 3600 *м* бийиктиктеги электр берүү линиясы.



Ат-Башы ГЭСинин жалпы көрүнүшү.

тын орчундуу прогрессине — жаңы адамдын калыптанышына, адамдын керт башынын ар тараптан өркүндөшүнө социалисттик турмуш образынын онүгүшүнө жардам бере тургандардын бардыгына тиешелүү болот» (КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977, 46-б.). Социалдык онүгүүнүн ж-а калктын турмуш деңгээлин жогорулатуунун партия тарабынан иштелип чыккан комплекстүү программасында коомдун социалдык структурасын өркүндөтүүнүн, турмуштун соц. образын өнүктүрүүнүн ж-а эмгекчилердин материалдык, рухий таламдарын ого бетер толук канааттандыруу жолдорунун маселелери терең чагылдырылган. Партия бул маселеде социализмдин тушунда коомдук өндүрүш «коомдун бардык мүчөлөрүнүн толук жыргалчылыгын жана ар тараптан эркин онүгүшүн камсыз кылуу үчүн» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 6-т., 42-б.) онүгөт деген лениндик көрсөтмөгө таянат.

Онүккөн соц. коомдо, партиянын XXVI съездинде көрсөтүлгөндөй өлкөнүн экон. күч-кубатын мындан ары ургаалдуу өнүктүрүүнүн, эл чарбасынын бардык тармактарына жетекчиликти тынымсыз жакшыртуунун (үнөм, илимий негизде пландаштыруу, чарб. механизмди өркүндөтүү ж. б.) маанини дагы күчөөдө. Мына ошондуктан КПСС Борб. Комитетинин Май (1982), Ноябрь (1982) пленумдарында азык-түлүк программасын ишке ашыруунун негизги чараларына, экономиканын натыйжалуулугунун башкы көрсөткүчү болгон эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүгө, эмгек тартибин чыңдоого, агрардык о. ж. комплексин өнүктүрүүгө, коомдук мүлкө сарамжалдуу мамиле кылууга олуттуу көңүл бурулуп, бул үчүн ар бир адамдын активдүүлүгүн жогорулатып, коомдун алдында турган социалдык-экон. башкы милдеттерди чечүүгө бүткүл эмгекчи массаны тартуу зарылдыгы белгиленди. Респ-кадагы партиялык, сов., чарб., профсоюздук уюмдар бул милдеттерди жетекчиликке алып, соц. мелдешти күчөтүүгө, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, продукцияны көп ж-а сапаттуу чыгаруу үчүн бүткүл мүмкүнчүлүктөрүн жумшоодо. Респ-канын эл чарбасы ж-а маданияты бүткүл өлкөнүн экон. жана рухий потенциалынын ажырагыс составдуу бөлүгү катары динамикалуу түрдө жогорку темпте м-н онүгүп жатат.

Өлкөнүн экон. потенциалын кыйшаюусуз жогорулатуу социалдык онүгүүнүн, элдин жыргалчылык деңг-

гээлин мындан ары жогорулатуунун партия тарабынан иштелип чыккан программасын ырааттуу түрдө жүзөгө ашырууну камсыз кылды. Кыргыз ССРинде турак жай ж-а социалдык-маданий курулушка чыгымдоолорду кошо эсептегенде улуттук кирешенин 80%ке жакыны калктын жыргалчылыгын жогорулатууга жумшалат. Респ-канын ар бир адамына реалдуу кирешелер 1965—79-жылга 47%ке, орточо эмгек акы 63%ке өскөн. Керектөөлөрдүн коомдук фондуларынын эсебинен калкка берилүүчү төлөөлөр м-н жеңилдиктер 3,3 эсеге көбөйгөн. Алар 1965-ж. 357,5 млн сомду түзсө, 1979-ж. 1163,1 млн сомду түзгөн, а. и. 1965-ж. социалдык камсыздоого ж-а социалдык камсыздандырууга 106,9 млн сом жумшалса, 1979-ж. 418,4 млн сом жумшалып, эл агартууга жогоруда көрсөтүлгөн жылдары 138,8 млн ж-а 404 млн сом, саламаттык сактоо м-н дене тарбияга 68,2 млн ж-а 180,7 млн сом жумшалган. Мамл. ж-а кооперациялык сооданын чекене товар айлanышынын жалпы көлөмү 1965-жылкы 871 млн сомдон 1979-ж. 2 444 млн сомго чейин өскөн. Калктын кирешелеринин да бир кыйла көбөйүшү айлык акы м-н коомдук фондулардан төлөөлөрдүн арбышынан гана эмес, элдин сактык кассалардагы салымдарынын өсүшүнөн да көрүнөт. 1965—79-ж. андай салымдардын орточо көлөмү бир сактык китепчесинде 286 сомдон 940 сомго көбөйүп, алардын жалпы суммасы 119,3 млн сомдон 932,5 млн сомго жеткен. Саламаттык сактоонун оркүндөшү калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Респ-када 1979-ж. калктын 10 миң кишисине 28 врач, медициналык орто персоналдын 89 кызматкери, 118 оорукана орунду туура келсе, 1965-ж. бул көрсөткүчтөр 19, 59 ж-а 91ди түзгөн. Респ-када 1965-ж. 190 миң киши, 1979-ж.— 454 миң (а. и. карылыгына байланыштуу 1938—38 миң, 1979—277 миң) киши пенсия алган. Бул мезгилде санаторий м-н эс алуу үйлөрүндөгү орундар эки жарым эседен ашуун көбөйгөн. Турак жай курулушу ири масштабдарда жүргүзүлүп, 1961—79-жылдарда респ-када 20 650 миң $м^2$ үй курулуп, 2113 миң эмгекчинин (респ-канын калкынын $^2/_3$си) турак жай шарттарын жакшыртууга мүмкүндүк түзүлгөн. Калктын жыргалчылыгын көтөрүү эмгекчилердин рухий керектөөлөрүнүн ж-а таламдарынын өсүшүнүн, алардын жалпы билими м-н маданий деңгээлинин жогорулашынын озүнчө бир экон. пайдубалы болуп саналат. Коммунисттик курулуштун милдеттеринчечүүдө элге билим берүү ж-а жаштарды кесипке даярдоо системасы улам маанилүү роль ойнойберет.

Жетилген социализмдин шарттарында элге билим берүү системасынын өркүндөшүнүн сапаттык жаңы этабы башталды. Жалпыга милдеттүү түрдө орто билим берүүгө ии жүзүндө өтүү анын негизги фактору болуп эсептелет. Бул жаңы этап билим берүүнүн мазмунуну м-н методдорундагы сапаттык терең жылыштарды чагылдырып, сов. адамдарга ии жүзүндө мурдагыга караганда сапаттык жактан жогору турган окутуунун бүтүндөй жалпылыгынын ж-а калкты кеңири камтуусунун бир кыйла жогорку деңгээли, эл чарбасынын керектөөлөрүнө ылайык кадрларды массалык түрдө даярдоону ж-а алардын квалификациясын жогорулатууну уюштируу; окутуунун материалдык өндүрүш чойросу м-н байланышын күчөтүү; билим берүүдө илимий-техникалык эң жаңы каражаттарды пайдалануу м-н мүнөздолот. Респ-када, бүткүл өлкөдөгүдөй эле, жаштарга жалпыга бирдей билим берүүгө өтүү негизинен аяктаган. 1965-ж. орто мектепти 15,2 миң киши бүтүрсө, 1979-ж. 70,8 миң киши бүтүргөн. 1971—79-ж. гана 563 миң киши толук орто билим алган, 1979-ж. сегиз жылдык мектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн 98,6% толук орто билим берүүчү окуу жайларда окуусун улантышкан. Элге билим берүүнүн материалдык базасы жакшыртылууда. 1966—79-ж. 337,3 миң окуучулук орунду бар 689 жаңы мектеп имараттары салынган. 1979-ж. бардык түрдөгү 1740 мектепте 866,9 миң окуучу окуган. Мугалимдердин сапаттык составы да жакшырууда. 1965—66-окуу жылында респ-канын мектептеринде 34,7 миң мугалим иштеп, анын 44,5% жогорку билимдүүлөр болсо, 1979—80-окуу жылында 55,6 миң мугалимдин 70% жогорку билимдүү болгон. Педагогикалык коллективдердин жаштарга коммунисттик тарбия берүү б-ча иш-аракетинин негизги багыты анын комплекстүүлүгүн, идеялык-саясий, эмгектик ж-а правалык тарбиянын бекем биримдигин камсыз кылуу болуп эсептелет. Окуучуларды эмгекке үйрөтүүнү ж-а кесипке багыттоону жакшыртууга зор көңүл бурулууда. 1979-ж. окуучулардын 70%инен ашуунуэмгекке багытталып, терендетилген даярдыкты алышкан. Өнүккөн социализм шарттарында жумушчу кадрларын даярдоонун негизги базасы кесиптик-техникалык билим берүү системасы болуп калды. 1980-ж. респ-када 227 кесип б-ча 50 миңден ашуун окуучусу бар 92 окуу жайы иштеген. Кыргызстанда 1980—81-окуу жылынан баштап бардык кесиптик-техникалык окуу жайлары кесип берүү м-н катар жалпы орто билим да берет. 1965-ж. кесиптик-техникалык окуу жайларын 7,8 миң киши бүтүрүп чыкса, 1979-ж. ал окуу жайлары эл чарбасы үчүн квалификациялуу 34,5 миң жумушчуну даярдап чыгарган. Респ-када жогорку ж-а атайын орто билим берүүнүн ырааттуу системасы түзүлүп, пайдактүү иштеп жатат. 1965-ж. 8 жогорку окуу жайы м-н 36 техникумда 64 миң студент ж-а окуучу окуса, 1979-ж. 10 жогорку окуу жайы м-н 41 техникумда 103 миң киши окуган. Студенттердин социалдык составы өзгөрүп, алардын 70%ине жакынын жумушчу, колхозчу ж-а алардын балдары түзөт.

Улуттук маданияттардын интернационалдашуусунун, өз ара бири бирин байытуусунун ургаал процесси, алардын ого бетер тыгыз жакындашуусу, натыйжада бирдиктүү сов. маданияттын интернационалдык жалпы белгилеринин өөрчүп, күч алышы жетилген социализм этабындагы маданий өнүгүүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Бул процесс маданияттын белгилүү өлчөмдө туруктуу формалары, мис., улуттук тил сыяктуу эле башка бардык кыйла ийкемдүү формалары үчүн да мүнөздүү. Алсак, кыргыз тили учурдун материалдык ж-а рухий маданиятынын жаңы көрүнүштөрүн чагылдыруу м-н өзү да байып, ички ресурстардын эсебинен да, башка тилдерден оздоштүрүү жолу м-н да жаңы сөздөр, терминдер, синтаксистик конструкциялар м-н толукталууда. Лингвисттердин эсеби б-ча кыргыз тилинин коомдук-саясий ж-а илимий-техникалык терминдеринин 70%тен ашуунуорус тилинен кирген же ал аркылуу болок тилдерден оздоштүрүлгөн.

Бири бирине таасир этүү ж-а өз ара байытуу процесстери Кыргызстандын көркөм маданиятынан да айкын көрүнөт. Кыргыз театры сов. көп улуттук искусствону кеңири пропагандалоо м-н рухий маданияттардын жакындашына, эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоого көмөк көрсөтүүдө. Кыргызстанда иштеп жаткан 7 профессионал театрга, филармонияга ж-а циркке 1980-ж. 1,5 млндой көрүүчүлөр келген. Өлкөнүн орус ж. б. боордош элдеринин музыкалык маданиятынын жагымдуу таасири м-н Кыргызстанда опера, симфония, балет, соната, романс, кантата ж. б. сыяктуу жанрлар өнүктү. Көркөм адабиятта бири бирине мындай таасир этүү ж-а өз ара байытуу процесстери ботөнчө даана көрүнөт: кыргыз жазуучуларынын 450дөн ашуун чыгармасы СССРдин орус, украин ж. б. элдеринин тилдерине, ал эми орус, совет ж-а дүйнөлүк классикалык адабияттын 800дөн ашык чыгармасы кыргыз тилине которулган. А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, С. Эралиев, М. Абылкасымова ж. б. кыргыз жазуучуларынын мыкты чыгармалары интернационалдык совет адабиятын байытты. Кыргыз кинематографиясы да ушундай прогрессивдүү тенденциялардын пугунда өнүгүүдө. Ал 50-жылдарда пайда болуп, 70-жылдарда эле чыгармалардын идеялык-көркөм маанилүүлүгү б-ча боордош респ-калардын кино өнөрлөрүнүн


арасында алдыңкы чектерди ээлей алды. Бүткүл союздук ж-а дүйнөлүк экранда «Бакайдын жайыты», «Манасчы», «Уркуя», «Биринчи мугалим», «Гүлсарат», «Ак көмө», «Эрте жаздагы турналар», «Кызыл алма» ж. б. фильмдер жогору бааланды. Респ-канын экрандарында (1965—79-ж. киноустановкалардын саны 959дан 1207ге чейин өскөн) бардык союздан респ-каларда түзүлгөн кинофильмдер көрсөтүлүүдө. Кыргызстандын мыкты сүрөтчүлөрү м-н скульпторлорунун чыгармачылыгы бардык совет адамдарына жакын ж-а түшүнүктүү. «Революциянын каармандарына» монументи татыктуу баага ээ болуп, Кыргызстандын эл сүрөтчүсү Т. Садыковго Лениндик сыйлык ыйгарылды (1980).

Жетилген социализм мезгилинде илимий-техникалык рев-люция, коомдун экон., саясий ж-а рухий турмушундагы прогрессивдүү өзгөрүштөрдүн таасири м-н анын социалдык структурасында да маанилүү жылыштар болууда. Жумушчу табынын саны өсүп, сапаттык составы жакшырып, коммунисттик курулушта жетектөөчү күч катары анын ролу жогорулайт. Жумушчу табынын жетекчилиги м-н жумушчу табын, колхозчу дыйкандардын ж-а элдик интеллигенциянын союзун бекемдөө, алардын ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды жоюу, о. эле алардын социалдык абалындагы ж-а турпатындагы жалпы белгилердин күч алуу процесси улам ургаал жүрө баштайт. Советтик коомдун биримдиги ого бетер бекемделет. Жумушчу табынын сан ж-а сапат жагынан өзгөрүшү Кыргыз ССРинде өзгөчө даана байкалууда. Кыргызстандын Совет бийлиги жылдарында түзүлгөн көп улуттуу жумушчу табы сов. жумушчу табынын күжүрмөн отряддарынын бири болуу м-н өнүккөн социализмди куруу мезгилинде жетектөөчү социалдык-саясий ж-а өндүргүч күч катары ого бетер өстү. 1965-ж. респ-канын эл чарбасында иштеген 617 миң кишинин 43 миңи жумушчу болсо, 1979-ж. иштеген 1075 миң кишинин 750 миңин же 70%тен ашыгын жумушчулар түзгөн. Кыргыздын олуттуу жумушчуларынын саны да (1979-ж. респ-канын жумушчуларынын 40%ке жакыны) тез темп м-н өсүүдө. Жумушчулардын жалпы билими ж-а кесиптик деңгээли жогорулоодо. 1979-ж. о. ж. жумушчуларынын 75%тен ашууну жогорку, бүтпөгөн жогорку ж-а орто билимдүү болуп, ар бир 3-жумушчу озүнүн квалификациясын жогорулаткан.

Айыл-кыштактын социалдык турмушунда да ири өзгөрүштөр болуп, шаар м-н кыштактын ортосундагы олуттуу айырмачылыктар улам барган сайын көбүрөөк жоюлууда, айыл эмгекчилеринин жыргалчылыгы кыйла жогорулоодо. Колхозчулардын реалдуу кирешелери 1964-жылга салыштырганда 2 эседен ашуун көбөйдү; 1965-ж. ал жумушчулар м-н кызматчылардын реалдуу кирешелеринин 75%ин түзсө, 1979-ж. 90%ине жакынын түзгөн. Кыштактын жашоо шарты м-н турмуш образында сапаттык өзгөрүүлөр болуп өттү. Айыл-кыштак калкы үчүн аянты 9 млн $м^2$ден ашуун турак жайдын курулушу, анда жашаган ар бир 3-кишинин үй шартын жакшыртууга мүмкүндүк түзгөн. Айыл-кыштакта чекене товар жүгүртүү 2,5 эседен ашуун, турмуш тиричилик жактан тейлоонун көлөмү 6 эсеге өскөн. Айыл-кыштак калкынын жалпы билим деңгээли жогорулады. А. ч. өндүрүшүндө иштегендердин 60%тен ашууну жогорку, бүтпөгөн жогорку ж-а орто (толук же толук эмес) билимге ээ. Жогорку ж-а атайын орто билимдүү адистердин саны 1965-жылга салыштырганда 2 эседен ашык өсүп, 1979-ж. 20 миңден ашуун адамды түзгөн. Респ-канын колхоз-совхоздорунда 50 миңдей механизатор иштеген.

Илимий-техникалык рев-люция шарттарында интеллигенциянын ролунун жогорулашына ылайык респ-када эл чарбасы үчүн адистерди даярдоону кеңейтүү б-ча чаралар көрүлүүдө. 1965—79-жылдарда жогорку билимдүү адистердин саны 3,3 миңден 8 миңге чейин, атайын орто билимдүүлөр болсо 4,7 миңден 12,3 миңге чейин көбөйгөн. Респ-канын эл чарбасында иштеген адистердин жалпы саны ушул мезгилдин ичинде 2,5 эсеге өсүп, б. а. 1979-ж. алардын саны 257 миңге жетип, анын 117 миңи жогорку билимдүү болгон. Өнүккөн социализм коомунда жүрүп жаткан социалдык процесстер адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгын — совет элин андан ары тыгыз бат коштурууда айкын ачык көрүнөт. Бул жалпылык жумушчу табынын жетекчи ролу астында бардык таптардын, коомдогу социалдык катмарлардын ж-а топтордун барган сайын бекемделип жаткан экон., социалдык-саясий, идеялык биримдигин, о. эле биздин өлкөнүн бардык улуттарынын өз ара жакындашуусунун эң жемиштүү жолу болуп саналат... Кыргыз эли өзүн советтик зор жана ажырагыс үй-бүлөдөн тышкары элестете албайт, ал мындан ары орус эли менен, советтик бардык элдер менен бир туугандык достуктун түйүндөрүн чыңдай берет, алар менен бирдикте лениндик партиянын акылман жетекчилиги астында эңсеген максатка — коммунизмди толук куруугажетишет» («Советтик Кыргызстан», 1976, 28-февр.).

СССРдин сов. улуттары м-н элдеринин жакындашуусунун, алардын улуттук маданияттарынын бири бирине ургаал таасир тийгизишүүсүнүн ж-а бири бирин байы-




Кант цемент-шифер комбинаты.

тышынын закон ченемдүү процессинде, совет элин — адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгын түзүүдө ж-а чыңдоодо сов. улуттардын ж-а элдердин улуттар аралык катнашынын тили болуп калган орус тили зор роль ойнойт. Орус тилинин маанисинин өсүшү СССРдин бардык элдеринин экон. мүктаждыктарына, о. эле аны алдыңкы илимге ж-а маданиятка катышуу үчүн колдонуучу орус эмес элдердин өз таламдарына байланыштуу. Жетилген социализмдин шарттарында орус тилинин улуттар аралык катнашынын каражаты катары ролу барган сайын жогорулайт. Бул процесс партиянын лениндик улут саясатынын андан ары жүзөго ашырылышы, респ-калар аралык коомдук-экон. байланыштардын ургаалдашуусу, илим м-н техниканын дүркүрөп өнүгүшү, бардык улуттар м-н элдердин рухий таламдарынын кыйшаюусуз өсүшү м-н шартталат. Орус тилинин кыргыз элинин турмушундагы зор ролун баса көрсөтүү м-н Т. Усубалиев: «Советтик Кыргызстанда жүздөн ашык улуттун өкүлдөрү бирдиктүү, ынтымактуу үй-бүлөдө жашап жана иштеп жатышат. Алар өз ара орус тилинде сүйлөшүп, биргелешкен эмгеги менен коммунисттик курулуштун милдеттерин ийгиликтүү чечүүдө. Эгерде бүгүнкү күндө республикада азыркы кездеги эң татаал техника менен жабдууларды өздөштүрүп, эл чарбасынын бардык тармактарында татыктуу эмгектенген советтик жумушчу табыны улуттук чоң отрядына эө болсок, эгерде кыргыз айылында түп-тамырынан берки социалдык өзгөрүүлөр болуп, анда айыл чарба илимин жана техникасын өздөштүргөн механизатор, дыйкан жана малчы башкы фигура болуп калса, эгерде республикада советтик улуттук интеллигенция түзүлсо...— анда бардык ушул тарыхый жетишкендиктерден орус тилинин эң жагымдуу таасирин көребүз»,— деп белгилеген (Коммунист, Фр., 1979, № 3).

Өнүккөн социализмди куруу коомдун саясий системасындагы терең өзгөрүүлөр м-н коштолот. Бул системанын ядросун өзүнүн жаратылышы б-ча жумушчу табынын партиясы катары түзүлүп, өзүнүн таптык мүнөзүн жоготпостон бүткүл совет элинин авангардына айланган Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы түзөт. КПССтин Программасында, СССРдин жаңы Конституциясында белгиленгендей совет мамлекети өлкөнүн жумушчуларынын, дыйкандарынын ж-а интеллигенциясынын, бардык улуттары м-н элдеринин эмгекчилеринин эркин ж-а мүдөөсүн көздөгөн жалпы элдик мамлекет болуп калды. Жетилген социализмдин мындан ары өнүгүшү м-н совет элинин социалдык ж-а интернационалдык биримдиги барган сайын бекемделип, да андан ары прогресстик өнүгүүгө ээ болот. Анын өнүгүшүнүн көп кырдуу процессинин чордонун партиянын жетектөөчү ролунун өсүшү, партиялык ички турмуштун андан ары өркүндөтүлүшү түзөт.

Партия өзүнүн жетекчи иштемдигинде массанын саясий жол башчысынын, уюштуруучусунун ж-а тарбиячысынын функцияларын айкалыштырып, коом ж-догу алдыңкы, дайыма өнүгүп турган маркстик-лениндик илимге таянып, теориянын практика м-н тыгыз байланышын, илимий ж-а практикалык максатка умтулуунун биримдигин камсыз кылат. Бул учурда партия маселелерди В. И. Ленин көрсөткөндөй «...келеңе ашыруруга багытталган практикалык кайраттуу ишжүргүзүү мааниси...» (Чыг., кырг. 1-бас., 21-т., 64-б.) коёт. Кыргызстандын партиялык комитеттери м-н баштанкы партиялык уюмдары КПССтин 25—26-съезддеринин көрсөтмөлөрүн, КПСС БКнын «Партияга кабыл алуу жана КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо боюнча Кыргызстандын партиялык уюмдарынын иши жөнүндө» токтомун, о. эле партиялык курулуш маселелерин жакшыртуу б-ча көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алуу м-н партиянын катарын бекемдоо, партияның санаттык составын жакшыртуу б-ча зор



Кировсуу сугат сактагычы.

иш жүргүзүшүн, анын масса арасындагы идеялык-саясий таасирин андан ары күчөтүүгө, коомдук турмуштун бардык жактарына партиялык таасир көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга умтулуп жатышат. 1976—79-ж. Кыргызстан Компартиясы 12 669 кишиге көбөйүп, 1981-ж. 1-январында анын катарында 126 402 мүчө ж-а мүчөлүккө кандидат болгон. Партиялык комитеттер, партиялык баштанкы уюмдар партияның катарларынын өсүшүн жөнгө салуу м-н бирге аларды биринчи кезекте жумушчу табынын мыкты өкүлдөрүнүн эсебинен чыңдоону ыраттуу түрдө ишке ашырууда. 1976-жылдан бери жумушчу коммунисттердин саны 14 500 кишиге же 62,8%ке өсүп, ал эми 1979-ж. алар 37 588 кишини же респ-канын партиялык уюмдарындагылардын жалпы санынын 37,6%ин түзгөн. Партиялык уюмдар, о. эле а. ч. өндүрүшүнүн алдыңкы, аң-сезимдүү кызматкерлерин партияга алууга да ар дайым көңүл буруп турат. Бул болсо жумушчу табы м-н колхоздук дыйкандардын союзун чыңдоонун, партияның агрардык саясатын ийгиликтүү жүзөго ашыруунун таламдарына жооп берет. Респ-када айыл-кыштактагы партиялык уюмдарды чыңдоо б-ча зор ишКПСС БКнын Март пленумунан (1965) кийин жүргүзүлгөн. Механизатор коммунисттердин саны 76,5%ке, мал чарбасында иштеген коммунисттердин саны 33,8%ке өскөн. 1980-ж. Кыргызстан Компартиясында 17 234 колхозчу болуп, ал эми а. ч-сында бардыгы 34 987 коммунист (эл чарбасында иштеген коммунисттердин жалпы санынын 32,7%) иштеген. Партиялык комитеттер респ-калык партиялык уюмдун интеллигенциянын мыкты өкүлдөрү м-н толукталышына такай камкордук көрөт. 1976—79-жылдарда кызматчыларды партияга алуу кабыл алуунун жалпы санынын 28,1%ин түзгөн. Алардын көпчүлүгү (90,7%) эл чарбасынын адистери, о. эле илим, адабият ж-а искусство ишмерлери болгон.

Кыргызстан Компартиясынын негизги күчтөрү материалдык өндүрүш чөйрөсүндө топтолуп, мында 1980-ж. 78 миңден ашуун коммунист (эл чарбасында эмгектенген коммунисттердин санынын 73,2%) иштеген. Партияга кабыл алынгандардын 80%ке жакынын коомдук турмуштун ушул чөйрөсүндө иштегендер түзөт. Партиянын катарына кирген жаштардын саны көбөйүп, партияның түздөн-түз резерви катары комсомолдун ролу жогорулаган. 1976—79-ж. партияга өткөндөрдүн 71% комсомолдун мүчөлөрү болгон. Партияның катары эмгекчи аялдар м-н активдүү толукталууда. Алардын партияга өткөндөрдүн арасындагы салыштырма саны жылдан жылга өсүп, 1979-ж. 41,8%ти түзгөн.

1980-ж. коммунисттердин арасында 31 696 аял болгон же 25,9%ти түзгөн. Коммунисттер — Кыргызстандын эмгекчилеринин кыйла билимдүү болүгү, алардын 69,9%ин жогорку, бүтөгөн жогорку ж-а орто билимдүүлөр түзөт. Кыргызстан Компартиясынын составында болуп жаткан өзгөрүүлөр, ал жүргүзүп жаткан соц. интернационализм, элдердин достугун ж-а боордоштугун чыңдоо саясатын толугу м-н чагылдырат. Респ-калык партиялык уюмдун катарларында 73 улуттун өкүлү бар.

Кыргызстандын партиялык уюмдары эмгекчилердин эмгектик ж-а саясий активдүүлүгүн жогорулатууга, кеңири эл массаларын коомдун иштерин башкарууга тартууга зор көңүл бурат. СССРдин жаңы Конституциясынын долбоорун бүткүл элдик талкуулоо совет адамдарынын турмуштук активдүү позициясынын конкреттүү көрүнүшү болду. Бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстанда да ага ири жүзүндө бүткүл жашы жеткен калк катышты. СССРдин Конституциясынын долбоору, о. эле КПСС БКнын Май (1977) пленумунда айтылып кеткен проблемалардан улам келип чыккан партиялык ж-а комсомол уюмдарынын милдеттери партиялык ж-а комсомол комитеттеринин пленумдарында ж-а активдеринде кеңири талкууланган. 25 миңден ашуун элдик депутат катышкан 456 жерг. Советтердин сессиялары болуп өткөн. 10 миңден ашуун баштанкы, цехтик, бригадалык партиялык уюмдардын ж-а партиялык топтордун ачык чогулуштары, 5 миңден ашуун комсомолдук чогулуштар, о. эле эмгек коллективдери м-н калк жашаган жерлерде да 12 миңден ашуун чогулуш болуп өткөн. Аларда 150 миңден ашуун киши чыгып сүйлөп, Конституциянын долбоорунун главаларын ж-а статьяларын б-ча 35 миңдей сунуш, пикир, такоо ж-а кошумчалар киргизилген. Талкуунун жүрүшүндө респ-калык газеталардын, радио ж-а телекөрсөтүүнүн редакцияларына 5 миңден ашуун кат түшүп, алардын 3,5 миңге жакыны жарыяланган. Эмгекчилерден түшкөн көптөгөн сунуштар партиялык, сов., чарб. органдардын ишин оркүндөтүүнүн, тартипти чыңдоонун, эмгек шарттарын, калкты маданий-тиричилик жактан тейлоонун жакшыртуунун, жаратылышты коргоонун маселелерине арналган. Респ-канын партиялык комитеттери, баштанкы партиялык уюмдары пикирлерге оперативдүү мамиле кылышын, эмгекчилердин бардык сунуштарын дыкаттык м-н эске алышкан.

Респ-канын коомдук турмушунда Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясын жалпы элдик талкуулоо ж-а кабыл алуу маанилүү саясий окуя болду. Конституциянын долбоору респ-калык ж-а жерг. басма сөздө жарым миллиончо тираж м-н басылып чыккан. Партиялык уюмдарда, эмгек коллективдеринде, калк жашаган жерлерде талкуулоонун жүрүшүндө 9 миңден ашуун чогулуш болуп, аларда 40 миңден ашуун киши чыгып сүйлөгөн. Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорун талкуулоого бардыгы болуп 1,3 млн киши же респканын жашы жеткен бардык калкы дээрлик катышкан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз 8-сессиясында 1978-ж. 20-апрелде бир добуштан кабыл алынган респ-каның жаңы Негизги закону эмгекчилердин коллективдүү чыгармачылыгынын натыйжасында жаралган. Ал СССР Конституциясынын жобосуна ж-а принциптерине толук ылайык келип, Кыргыз ССРинин мурда күчүндө болгон Конституциясынын ыраттуу түрдө улантылышын камсыз кылып, респ-каның тарыхый калыптанган өзгочолүгүн, анын улуттук-мамл. өнүгүү тажрыйбасын чагылдырат. Респ-каның жаңы Конституциясында кыргыз элинин, Сов. Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин лениндик партиянын жетекчилиги м-н СССР элдеринин бир тууган үй-бүлөсүндө соц. ж-а коммунисттик курулуштагы жетишкен эбегейсиз зор ийгиликтери бекемделди.

КПСС Борб. Комитети м-н СССР Жогорку Совети ж-а РСФСР Жогорку Советинин Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына арналган салтанаттуу кошмо заседаниесинде КПСС Борб. Комитетинин Генералный секретары жолдош Ю. В. Андропов «СССРге алтымыш жыл» деген докладында СССРдин жаңы Конституциясы Совет коомунун улуттук-мамл. негиздерин чыңдоочу өтө көрүнүктүү учур болуп калганын, бул тарыхый маанилүү документте мурдагы өнүгүү гана жыйынтыкталбастан өлкөбүздүн бардык улуттарынын жана элдеринин мындан ары гүлдөшү, жакындашуусу үчүн саясий-укуктук бекем негиздер да түзүлгөнүн баса белгилеп келип мындай дейт: «Өткөн 60 жыл ичинде улут мамилелеринде болгон реалдуу сапаттык өзгөрүүлөр бизге эксплуататорлук түзүлүш калтырган түрүндөгү улут маселеси ийгиликтүү чечилгендигин, болгондо да бирото-ло жана толук чечилгендигин далилдеп турат. Тарыхта биринчи жолу өлкөнүн көп улуттуу составы анын чабалдыгынын булагынан күчтүн жана гүлдөөнүн булагына айланып отурат».

Бирок улут маселесин чечүүдөгү эң сонун ийгиликтер өлкөдө буга байланыштуу проблемалар мындан ары пайда болбойт деген туура эмес жыйынтык чыгарууга жол бербейт. Анткени, жолдош Ю. В. Андропов айткандай, өлкөбүздө көптөгөн улуттар жашап, улуттук айырмалар таптакыр жоюлуп кетпеген учурда мындай болушу мүмкүн эмес. Чынында, улуттук проблемалар таптык айырмаларга караганда алда канча узакка жашарын түрмуштун өзү да ырастады. Мына ошондуктан партия жетилген социализмдин шарттарында да терең ойлонуштурулган, илимий жактан негизделген улут саясатын изден тайбай жүргүзүүнү, бул маселеге лениндик акылмандык, сергектик, көрөгөчтүк м-н мамиле кылуунун негизги милдеттеринин бири деп эсептейт.

Ошентип жетилген социализм учурунда улуттардын ортосундагы өз ара мамилелер проблемасы күн тартибинен алынып таштабастан, өзүнө терең күнт коюп, лениндик улут саясатынын принциптерин өлкөнүн социализмдин практикасы аркылуу чыгармачылык менен байытуусун ж-а аларды чечүүнүн жолдорун белгилоосун талап кылат.

Сов. Кыргызстан соц. курулуштун динамикалуу ж-а татаал жолун басып өтүп, совет элдеринин бир тууган үй-бүлөсүндө учурдун көп тармактуу индустриясына, жогорку механикалаштырылган а. ч-сына, алдыңкы маданиятка ж-а өлкөнүн илимге ээ болуу м-н өнүгүүнүн жаңы этабына — жетилген социализм мезгилине өттү. Өнүккөн соц. коомдун социалдык-экон. турмушундагы, саясий системасындагы прогресстик зор өзгөрүүлөр бардык сов. респ-калар үчүн, а. и. Кыргыз ССРи үчүн да мүнөздүү. Совет элдеринин барган сайын бекемделип жаткан экон., социалдык ж-а идеологиялык биримдиги, бир туугандык кызматташтыгы ж-а өз ара жардамдашуусу Сов. Кыргызстандын эмгекчилеринин коммунизм үчүн жалпы элдик күрөштөгү жаңы жетишкендиктеринин ишенимдүү гарантиясы болуп кызмат кылат.

А. Карыпкулов, Г. Харченко

Ад.: Жалпы эмгектер. Бартольд В. В., История культурной жизни Туркестана, Л., 1927, 256 с.; Собр. соч. в 9 томах, М., 1963; Валиханов Ч. Ч., Собр. соч. в 5 томах, т. 3, А.-А., 1964, 663 с.; К истории социально-экономических укладов Киргизстана, Фр., 1972, 110 с.; Материалы по истории киргизов и Киргизии, М., 1973, 280 с.; Кыргыз ССР тарыхы, 1—2-т., Фр., 1973; Русские путешественники и исследователи о киргизах, Фр., 1973, 220 с.; Оросалиев К., Исторический опыт перехода киргизского народа к социализму, минуя капитализм, Фр., 1974, 337 с.

Алгачкы общиналык түзүлүш жана таптык коомдун пайда болушу. Древние авторы о Средней Азии (6 в. до н. э.— 3 в. н. э.), Таш., 1940, 171 с.; Бернштам А. В., Кыргызстандын өткөндөгү маданияты, Фр., 1943, 28 б.; Археологические памятники Таласской долины, Фр., 1963, 262 с.; Юнусалиев М. В., В глубь тысячелетий по долинам Киргизии, Фр., 1970, 25 с., Археологические памятники Прииссыкулья, Фр., 1975, 176 с.; Кетмень-Тюбе. Археология и история, Фр., 1977, 229 с.

Феодалдык түзүлүштүн пайда болушу жана өнүгүшү. Бартольд В. В., Очерк истории Семиречья, Верный, 1898, 102 с.; Кожемяко П. Н., Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины, Фр., 1959, 187 с.; Петров К. И., К истории движения киргизов на Тянь-Шань и их взаимоотношения

с ойротами в XIII—XV веках, Фр., 1961, 211 с.; Кляшторный С. Г., Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии, М., 1964, 216 с.; Караев О., Арабские и персидские источники IX—XII веков о киргизах и Киргизии, Фр., 1968, 102 с.

Тянь-Шандагы этностук процесстер жана кыргыз элинин калыптанышы. Вартольд В. В., Кыргыздар, Фр., 1943, 92 б.; Петров К. И., Очерк происхождения киргизского народа, Фр., 1963, 147 с.; Абрамзон С. М., Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи, Л., 1971, 403 с.; Этнические процессы у национальных групп Средней Азии и Казахстана, М., 1980, 232 с.

Кыргызстан 16—18-кылымдарда. Петров К. И., Очерки феодальных отношений у киргизов в 16—18 веках, Фр., 1961, 175 с.; Джамгерчинов М., О письменных источниках по истории Киргизии 16 века. Труды Киргизского государственного университета, серия исторических наук, вып. 10, Фр., 1967, с. 12—16.

Кыргызстандын кошуу элдер жана Россия менен байланыштары. Плоских В. М., Первые киргизско-русские связи (1774—1827), Фр., 1970, 129 с.; Гуревич Б. П., Международные отношения в Центральной Азии в 17—1-й половине XIX вв. Обстановка в Киргизии и Южном Казахстане, М., 1979, 312 с.

Кыргызстан Кокон хандыгынын бийлиги астында. Усенбаев К., Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства, Фр., 1961, 165 с.; Хасанов А., Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50—60 гг. XIX века, Фр., 1961, 163 с.; его же, Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства, М., 1977, 95 с.; Плоских В. М., Киргизы и Кокандское ханство, Фр., 1977, 368 с.

Кыргызстандын Россиянын составына оз ыктыяры менен кошулушу. Джамгерчинов Б., Добровольное вхождение Киргизии в состав России, Фр., 1963, 436 с.; его же, О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России, Фр., 1963, 159 с.; Аминов А. М., Бабаходжаев А. Х., Экономические и политические последствия присоединения Средней Азии к России, Таш., 1966, 210 с.

Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулушу жана капиталисттик мамилелердин пайда болушу. Сапелкин А. А., Налоговая политика царизма в Киргизии, в кн.: Материалы по истории и экономике Киргизии, Фр., 1963, с. 27—74; Аттокуров С., Развитие капиталистических отношений в сельском хозяйстве Киргизии в конце XIX и начале XX веков. Труды экономического факультета Киргизского государственного университета, вып. I, 1964, с. 178—194; Джунушев К., Развитие товарно-денежных отношений в дореволюционной Киргизии, Фр., 1965, 144 с.; Возникновение капиталистических отношений в Киргизии, Фр., 1970, 272 с.

Кыргызстан 1905—07-жылдардагы революция мезгилинде. Пясковский А. В., Революция 1905—1907 гг. в Туркестане, М., 1958, 616 с.; Чукубаев А., Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии (1900—1917), Фр., 1967, 162 с.; Сапелкин А. А., Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900—1917), Фр., 1977, 281 с.

Кыргызстан реакция жана революциячыл жаңы жогорулаш жылдарында (1907—14). Революционное движение народов Средней Азии. 1907—1910 гг., Таш., 1967, 199 с.

1916-жылдагы көтөрүлүш. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане, Сборник документов, М., 1960, 794 с.; Турсунов Х., Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане, Таш., 1962, 428 с.; Усенбаев К., Восстание 1916 года в Киргизии, Фр., 1967; ошонуку, Революциянын таңында, Фр., 1974, 132 б.

1917-жылдагы Февраль революциясы Кыргызстанда. Зима А. Г., Киргизия накануне Великой Октябрьской социалистической революции, Фр., 1959, 112 с.

Кыргызстанда Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши. Великая Октябрьская социалистическая революция и гражданская война в Киргизии (1917—1920), Фр., 1957, 428 с.; Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фрунзе, 1966, 438 с.; Победа Октябрьской революции в Киргизии. Сборник документов (1917—1918), Фр., 1977, 391 с.

Граждандык согуш. Жантуаров С. Б., Гражданская война в Киргизии (1918—1920), Фр., 1963, 239 с.; Узбеков С., Северная Киргизия в период гражданской войны, Фр., 1973, 155 с.; Иностранная военная интервенция и гражданская война в Средней Азии и Казахстане, А.-А., 1964, 724 с.; Мужиков И. П., Канимметов А. К., Маречек Р. П., Чехословакиялык «Интергельпо» кооперативинин тарыхы, Фр., 1958, 136 б.

Социалисттик индустриялаштыруу. Шерстобитов В. П., Новая экономическая политика в Киргизии, Фр., 1964, 611 с.; История советского рабочего класса Киргизстана, Фр., 1966, 488 с.; Аттокуров С., Из истории промышленности Киргизии, Фр., 1971, 40 с.; История индустриализации Киргизской ССР (1926—1941), Фр., 1972, 491 с.

Айыл чарбасын коллективдештируу жана кочмондуктон отурукташууга өтүү. Дуйшемалиев Т., Очерк истории коллективизации сельского хозяйства Киргизии, Фр., 1965, 204 с.; Байбулатов Д., От кочевья к социализму, Фр., 1969, 167 с.; Колхозно-кооперативное строительство в Киргизии (1918—1929). Сборник документов и материалов, Фр., 1969, 438 с.; Шерстобитов В. П., Ленин и крестьянство Советского Востока, Фр., 1969, 723 с.; История советского крестьянства Киргизстана, Фр., 1972, 610 с.

Маданий революция. Культурное строительство в Киргизии. Сборник документов и материалов (1918—1929), т. 1, Фр., 1957, 410 с.; т. 2 (1930—1941), Фр., 1972, 270 с.; Даниярова С., Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии, Фр., 1972, 263 с.; Токтогонов С., Становление и развитие социалистической культуры Советского Киргизстана, Фр., 1972, 207 с.


Аялдардын социализмди куруугa катышуусу. Татыбекова Ж. С., Великий Октябрь и женщины Киргизстана, Фр., 1975, 172 с.; Участие женщин Киргизии в строительстве социализма (1938—1958). Сборник документов и материалов, Фр., 1976, 328 с.; Женщины Киргизской ССР. Краткий статсборник, Фр., 1977, 94 с.; Бекходжаева С., Социально-экономические проблемы труда женщин в народном хозяйстве Киргизии, Фр., 1978, 187 с.

Улут маселесинин чечилиши. Момунбаев И., Великая Октябрьская социалистическая революция и создание основ киргизской советской государственности, Фр., 1962, 79 с.; Радвогин А. В., Киргизская ССР — форма советской национальной государственности, Фр., 1967, 184 с.; Малабаев Д., Образование СССР и развитие национальной государственности киргизского народа, Фр., 1972, 44 с.; Рахманов Н., Осуществление ленинской национальной политики в Средней Азии, Таш., 1973, 198 с.; Джамгерчинов Б., Марксистско-ленинское решение национального вопроса, Фр., 1976, 147 с.; Каракеев К. К., Копылов И. Я., Саликов Р. А., Проблемы управления строительством Советского многонационального государства, М., 1982, 366 с.

Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941—45). Герои Советского Союза — киргизстанцы, Фр., 1963, 34 с.; Чокушов Б., Советтик Кыргызстандын жоокерлеринин Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторуна катышуусу (1941—1945-жылдар), Фр., 1961, 48 б.; Алар — Панфиловчулар, Фр., 1971, 216 б.; Киргизия в годы Великой Отечественной войны. Сборник документов и материалов, Фр., 1965, 583 с.; Керимбаев С., Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941—1945 гг., Фр., 1980, 303 с.

Советтик Кыргызстан өнүккөн социализм мезгилинде. Трудящиеся Киргизии в борьбе за строительство социализма и коммунизма, Фр., 1966, 213 с.; Табышалиев С., По ленинскому пути — к социализму и коммунизму, Фр., 1970, 416 с.; Орозалиев К., В братском содружестве — к коммунизму. Исторический опыт развития Советского Киргизстана, Фр., 1977, 169 с.; Карыпкулов А., Харченко Г. В., Курсом 25 съезда КПСС, Фр., 1978, 169 с.; Ширинзаданов Ш., Рабочий класс Киргизстана в условиях развитого социализма, Фр., 1979, 396 с.; Республики Средней Азии в период развернутого строительства социализма, М., 1980, 288 с.; Советский Киргизстан на этапе развитого социализма, Фр., 1981, 328 с.; Усубалиев Т. У., Руководящая роль КПСС в укреплении единства интернационального и национального в советском социалистическом образе жизни, Фр., 1982, 183 с.

КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ



Кыргызстан Компартиясынын 17-съездинин Президиуму. 1981.

Кыргызстан Коммунисттик партиясы — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын күжүрмөн отряддарынын бири. Кыргызстанда коммунисттик кыймыл В. И. Ленинди ысмы, улуу орус элинин ж-а өлкөбүздүн бардык элдеринин тарыхый тагдыры м-н тыгыз байланышта пайда болуп өнүккөн. Кыргыз элин рев-ялык күрөшкө тартууда орус жумушчу табынын өкүлдөрүнүн марксизм-ленинизм идеяларын таратуусу зор мааниге ээ болгон. 1905—07-жылдардагы биринчи орус рев-ясынын таасири м-н Түркстандын эмгекчилери падышачылыкка каршы күрөшкө көтөрүлгөн. Түркстандагы рев-ялык кыймылды кыргыз, өзбек, тажик, казак, түркмөн ж. б. улуттун жумушчуларын большевиктер партиясынын туусу астында бат-бат коштурган орус жумушчу табы жетектеген.

Биринчи орус рев-ясынан кийинки жылдары крайда с.-д. кыймыл тарап ж-а чыңалган. Өлкөдөгү рев-ячыл кыймылдын составдык бөлүгү катары Кыргызстанда да улуттук ж-а социалдык өркиндик үчүн күрөш күчөп, кыргыз элинен Таабалды Жукеев (1905-жылдан большевик) өңдүү революционерлер чыккан. 1916-жылдагы көтөрүлүш Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылдын тарыхындагы алгачкы оор маанилүү окуя болуп эсептелет. Падышалык өкмөт ал көтөрүлүштү ырайымсыздык м-н баскан. Бирок ал эмгекчи кыргыз эли үчүн





1. Г. И. Швец-Базарныйдын Пишпектин Береговой көчөсүндөгү үйү (№ 12). 1917-ж. большевиктердин конспирациялык квартирасы болгон. 2. Т. М. Левченко м-н Г. И. Швец-Базарный. Пишпек. 1917.


зор сабак болгон. 1905—07-жылдардагы биринчи орус рев-ясынын, Февр. ж-а Улуу Октябрь рев-яларынын, Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн орус ж-а кыргыз элинин биргелешкен күрөшүнүн патыйжасында Кыргызстанда большевиктик уюмду түзүүгө объективдүү шарт түзүлгөн. Ал соц. курулуш процессинде Коммунисттик партияга өсүп жеткен.

1917-жылдагы Февр. буржуазиялык-демокр. рев-ясынан кийин Түркстанда орус жумушчу табы м-н жерг. элдин эмгекчилеринин рев-ялык союзу пайда болгон. Советтер түзүлүп, падышалык админ. жоюлган. Бирок Советтерге кирип алган эсерлер м-н меньшевиктер алардын ишине тоскоолдук кылып, Советтерди буржуазиялык Убактылуу өкмөттүн коштондусуна айландырууга аракеттенишкен.

Февр. рев-ясынан кийинки биринчи айларда эле Кыргызстанда бириккен с.-д. топтор: 1917-ж. мартта Сулуктү көмүр кенинде, апр.— июнда Пишпекте, Ошто, Кызыл-Кыяда пайда болгон. Бул топторго меньшевиктер да кирген (кээде алар көпчүлүктү түзгөн, мис., Пишпек, Ош уюмдарында). Кийин большевиктер мындай уюмдардан чыгып, масса арасында өз алдынча иш жүргүзүшкөн. Большевиктер партиясынын идеялары эмгекчилердин аң-сезимине терең сиңе баштаган. Большевиктер чыныгы пролетардык уюмдарды түзгөн. Пишпекте, мис., андай уюм «Букара» союзу болгон. 1917-ж. күз айларында анын мүчөсү 7000ге жеткен. Ал союз дыйкандардын бай-манаптарга каршы күрөшүндө маанилүү роль ойногон. Окт. рев-ясы Ташкенде жеңгенден кийин Кыргызстандын шаарларында ж-а калк жашаган ири пункттарында большевиктик топтор түзүлө баштаган (алгач Кыргызстандын түш. райондорунда — Сулуктү, Кызыл-Кыя, Ош ш-ларында). Ош большевиктеринин ичинде партиянын жерг. кедейлерден чыккан мүчөлөрү (а. и. М. Сарымсаков, Б. Султанов ж. б.) активдүү роль ойногон. Кыргызстандын түндүгүндө да улуттук большевиктик алгачкы топ түзүлгөн. 1918-жылдын башталышынан большевиктик топтордун уюмдашуусу башталган. Пишпек большевиктеринин 1918-ж. 2-апрелде өткөн чогулушунда башында А. Иваницын турган партиянын шаркому шайланган. 25-апрелде Пишпек партиялык уюмуна 1917-ж. декабрда эле түзүлгөн улуттук большевиктик топ кошулган. Партиянын Пишпек шаардык комитетинин (тез эле уездик-шаардык комитет болуп кайра түзүлгөн) массалык-саясий активдүү ишинин натыйжасында 1918-

жылдын ортосунда большевиктик уюмдар бардык калк жашаган ири пункттарда, көптөгөн айыл-н кыштактарда (Лебединовка, Военно-Антоновка, Юрьевка, Ак-Суу ж. б.) уюшулган. Партиянын Пишпек уезддик-шаардык уюму Түркстандагы мүчөсү көп уюмдардын бири болуп калган. Анын составында жерг. улуттардан көп коммунисттер болгон. Партиянын Токмок, Пржевальск, кийинчерээк Нарын шаардык уюмдары да уюмдашып бүткөн.

Кыргызстандын партиялык уюмдарынын өсүп чыңдалышында Түркстан Коммунисттик партиясынын 1-съезди (1918-ж. июнь) маанилүү роль ойногон. Съезд крайдын большевиктик уюмдарынын бирдиктүү Түркстан коммунисттик партиясы (ТКП) болуп түзүлгөнүн



С. Ф. Касымбековдун (1918-жылдан Компартия мүчөсү) партиялык билети.

ырастаган. Ал РКП(б) БКнын жетекчилиги м-н Совет бийлигин чыңдоо ж-а соц. кайра түзүүлөрдү ишке жүзүнө ашыруу үчүн эмгекчи массанын күрөшүнө жетекчилик кылган. Кыргызстандын коммунисттерин РКП(б) БКнын ж-а анын полномочиелүү органдары — Түркомиссия, Түркбюро, О. Азия бюросунун төгөрөгүнө топтогон ТКПнин уезддик-шаардык комитеттери Кыргызстан Коммунисттик партиясын негиздөөдөгү алгачкы уюмдашкан кадам болгон. Коммунисттик партиянын улуттук отрядын түзүү процессин В. И. Ленин башында турган РКП(б) БК жетектеген. РКП(б) БКнын партия мүчөлөрүнө 1918-ж. 19-январда жазган атайын каты калкынын 90%ин дыйкандар түзгөн Кыргызстандын партиялык уюмдарын чыңдоодо өзгөчө роль ойногон. Анда өлкөнүн бардык булуң-бурчтарында партиянын айыл-кыштактык уюмдарынын тармагын түзүп, алар аркылуу эмгекчи дыйкандар арасында большевиктик таасирди күчөтүү ж-до айтылган. Бул көрсөтмөнү жетекчиликке алган РКП(б) БК, Кыргызстандын коммунисттери айыл жерлеринде партиялык ишти күчөтүү м-н уезддик партиялык уюмдарда коммунисттердин санынын ж-а ячейкаларынын өсүшүнө жол ачкан. Партиялык уюмдардын бардык звенолорунун структурасы такай өркүндөтүлгөн. Уезддик борборлордо партиянын уезддик-шаардык комитеттери, ал эми көрүү үчүн жаткан кыштак м-н айыл ячейкаларын башкарган. Партиялык уюмдар ишканаларда, мекемелерде ж. б. жерлерде уюшула баштаган. Коммунисттердин жетекчилиги м-н массалык коомдук уюмдар — комсомол, профсоюз, айыл-кыштак кедейлеринин комитеттери, батрактар союзу, жумушчу бириккелери түзүлүп, алардын ичинен эң ирилери Пишпектеги кол өнөрчүлөр м-н жумушчулардын союзу, Оштогу Жумушчулар союзу ж-а Мусулман жумушчулары м-н чайрыкерлер союзу, Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүнүн профсоюздук уюмдары болгон. Пишпекте 1918-ж. апрелде Х. Хасанов м-н Б. Муратов Мусулман жумушчуларынын союзун негиздешкен. 1918-ж. майдын башында Пишпек уездиндеги кыргыз кедейлеринин ири уюму — Кыргыз пролетарларынын союзу пайда болуп, 1918-ж. августта анын мүчөсү 3500гө жеткен. Кыргызстандын алыскы аймактарында да партиялык таасир күчөгөн. Партиянын уезддик-шаардык комитеттери идеялык-саясий деңгээлди жогорулатуу, коммунисттердин сабаттуулугун ж-а маданиятын көтөрүү, советтик ж-а партиялык жетекчи кадрларды даярдоо б-ча зор иштерди жүргүзгөн.

Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн болгон күрөштө, гражд. согуш жылдарында А. И. Иваницын, К. Сарыкулаков, М. С. Меркун, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Х. Хасанов, Л. Г. Солнышко, Я. И. Гритчин, Ж. Садаев, Я. Н. Логвиненко, Р. П. Маречек, К. Кубулжанов, Х. Мусабаев, А. Арстанбеков, Д. Жээнбаев, И. Худайбергенов, Им. Худайбергенов, Г. И. Швец-Базарный ж. б. большевиктер зор иштерди аткарган. Гражд. согуштан кийин Кыргызстандын коммунисттеринин алдында жаңы милдеттер турган. РКП(б)нин 10-съезди согуш коммунизми саясатынан нэпке өтүү ж-до чечим кабыл алган. Кыргызстандын коммунисттери социализмди куруунун лениндик планын кубаттап, аны турмушка ашыруу чараларын башташкан. Социализмдин душмандары нэпти өз таптык кызыкчылыгы үчүн пайдалануугa аракеттенишкен. Улутчул-уклончулар Кыргызстан үчүн нэп ылайыксыз деп далилдөөгө далалаттанышкан. Кыргызстандын коммунисттери социализмдин душмандарына каршы талыкпас күрөш жүргүзүп, жаңы экономикалык саясатты турмушка ашырууда ири жеңиштерге жетишкен. 1924-ж. 21-январда дүйнөлүк пролетариаттын жол башчысы В. И. Ленин дүйнөдөн кайтты. Бул кабарды Түркстан респ-касынын эмгекчилери терең кайгыруу м-н кабыл алган. ТКП БКнын «Түркстан партиясынын бардык мүчөлөрүнө» деген кайрылуусунда: «Владимир Ильич Чыгышты бошотууну өзүнүн бүтүндөй өмүрүндөгү иши менен, дүйнөлүк революциянын иши менен байланыштырган биринчи адам болгон»,— деп көрсөтүлгөн (История Коммунистических организаций Средней Азии, Таш., 1967, с. 603). Кыргызстанда В. И. Ленинди эскерүүгө арналган митингилер м-н чогулуштарда партиянын катарын чыңдоо, партиялык ж-а сов. курулушка жерг. элди активдүү катыштыруу ж-до чечимдер кабыл алган.

20-жылдардын ортосунда Түркстан партиялык уюмдары РКП(б) БКнын жетекчилиги м-н Советтерди чыңдоодо, эл чарбасын калыбына келтирүүдө мыкты ийгиликтерге жетишкен. Басмачылардын негизги күчтөрү талкаланган. Коммунисттик уюмдар чыңалып, жерг. улуттардан партиялык ж-а сов. кадрлар өсүп чыккан. Комсомол, профсоюздар, «Кошчу» союзу ж. б. коомдук уюмдар ого бетер өнүккөн. Улуттук маданияттын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. О. Азия-ны улуттук мамл. болуштүрүүгө бардык шарттар жетилип, Түркстанда сов. респ-каларды түзүү В. И. Ленин-дин көрсөтмөсү б-ча ишке ашырылган. РКП(б) БК 1924-ж. июнда О. Азияны улуттук белгилер б-ча болуу ж-дөгү тарыхый чечим кабыл алган. 1924-ж. 14-октябрда РСФСР ББАКынын сессиясы Түркстан АССР БАКынын О. Азияны улуттук болуу, а. и. РСФСРдин составында Кара-Кыргыз автономия областын түзүү ж-дөгү токтомун бекиткен. Кыргыз эли кылымдардан берки тарыхында биринчи жолу өз алдынча улуттук мамлекеттикке ээ болгон. О. Азиянын партиялык уюмдары улуттук-мамл. болуңуштуно ылайык кайра түзүлгөн. 1924-ж. 18-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросунун чечими б-ча Кыргыз областтык партиялык уюмунун убактылуу бюросу түзүлгөн. 1924-ж. 14-декабрда бюронун Президиуму мурда түзүлгөн ТКПнин Кыргыстандагы уезддик-шаардык комитеттеринин ордуна РКП(б)нин 4 округдук комитетин (Пишпек, Каракол — Нарын, Ош, Жалал-Абад) түзгөн.

1925-ж. 23—27-мартта Пишпекте РКП(б)нин Кара-Кыргыз обл. 1-конф-ясы болгон. Жетекчи органдар — обком, областтык контроль комиссиясы ж-а текшерүү



ВКП(б) Кыргыз АОнун обкомунун Аткаруу бюросу. 1927.

комиссиясы шайланган. Партиянын обл. комитетинин 1925-ж. 27-мартта өткөн 1-пленумунда аткаруучу органдар — аткаруу бюросу ж-а секретариат шайланган. Ал конф-я обл. партиялык уюмдун уюмдашуу жактан калыптанып бүткөнүн бекитип, жерг. партиялык, сов., чарб. уюмдарды чыңдоо, областтын экономикасы м-н маданиятын өнүктүрүү б-ча иш-чараларды иштеп чыккандыктан, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхында маанилүү роль ойногон. СССРдин аскер рев-ячыл советинин председатели М. В. Фрунзе Кыргыз областынын парт. конф-ясына жазган телеграммасында: «Мен туулуп өскөн областымдын биринчи партиялык конференциясын күттүктайм. Калктын материалдык жыргалчылыгын жана анын маданий деңгээлин көтөрүү жагындагы иши Сиздердин негизги милдетиңиздер деп эсептейм. Бул милдет, баарынан мурда, партиялык уюмду айыл-кыштактын калкы менен тыгыз жакындаштыруу жолу менен, алардын толук ишеничине ээ болуп, аны биздин советтик ишке, бийликтин аппаратына тартуу жолу менен гана жетишүүгө мүмкүн. Башкаруунун Советтик системасы эмгекчилердин муктаждыгын тейлөө үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок мында эмгекчилер өздөрү да башкаруу ишине кеңири катышуусу керек. Областтын бардык органдарында айыл-кыштактын өкүлдөрүнө кеңири орун берилиши керек. Падышачылыктын каргыш тийген калдыктарын жоюу боюнча иште Сиздердин мындан да кем эмес милдетиңиздер деп эсептейм. Кара-Кыргыз областынын көп улуттуулугу сиздерден областтагы бардык улуттардын муктаждыгына, керектөөсүнө сергек, адилет жана камкор мамиле жасоону талап кылат. Сиздердин областтын табигый байлыгы мол, Сиздердин автономия укугун алышыңыздарга байланыштуу түзүлгөн курулуштун перспективасы башка бардык көшөу элдерге үлгү боло алат. Ушул иште толук ийгилик каалайм»,— деген. 1925-ж. 2—4-ноябрда Пишпекте Кыргызстан партиялык уюмунун областтык 2-конф-ясы болгон. Анда областтын партиялык уюмунун өскөндүгү белгиленип, партиянын катарына кедейлер м-н орто дыйкандарды тартуу ж-до чечим чыгарылган. Мындан ары да жерг. партиялык уюмдардын идеялык-уюмдаштыруу жагын чыңдоого, сырттан болучу контррев-ялык таасирге каршы күрөшүүгө, партиянын масса менен байланышын чыңдоого орчундуу көңүл буруу керектиги эскертилген.

1926-ж. 1-февралда Кыргыз автономия области Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайра түзүлгөн. Кыргызстандын партиялык уюму негизделген күнүнөн тартып эле коммунисттердин, бардык эмгекчилердин интернационалдык баш кошуусуна, ВКП(б)нин мүчөлөрүнүн идеялык-саясий деңгээлин көтөрүү чараларын ишке жүзүнө ашырууга, партиялык, сов. ж-а чарб. кадрларды даярдоого киришкен. ВКП(б) БК ж-а анын О. Азия бюросу Кыргызстандын партиялык уюмун идеялык-уюмдаштыруу жактан чыңдоо ж-до такай кам көргөн. Ал партиялык ж-а сов. тажрыйбалуу кадрлар, негизинен москвалык ж-а ленинграддык партиялык уюмдардын мүчөлөрү м-н толукталган. Партиянын жерг. уюмдары өз. ж. пролетариаттын аздыгына байланыштуу айыл кедейлеринин ж-а калктын жарым пролетардык катмарынын эсебинен оскон. Крайдын парт. уюмдары өз катарын чыңдоо м-н партиянын мүчөлөрүнүн ж-а мүчөлүккө кандидаттарынын билимин көтөрүү б-ча зор иш жүргүзүп, алардын партиялык турмуштун лениндик нормаларын өздөштүрүшүнө жетишкен. Кыргызстандын областтык партиялык 3—4—5-конф-ялары (1927—29) ВКП(б) БКнын 1927-ж. 4-ноябрдагы «Октябрь революциясынын 10 жылдыгына байланыштуу жумушчулар менен жумушчу аялдарды партияга көбүрөөк тартуу» ж-дөгү токтомуна ылайык партиянын катарынын сапаттык составына өзгөчө көңүл бурган. Конф-я респ-канын эл чарбасынын көчмөн ж-а жарым көчмөн мүнөзүн эске алып, сов. аппаратты оркундөтүү, эмгекчи аялдарды азаттыкка чыгаруу, кооперациянын түрдүү формаларын чыңдоо б-ча чараларды иштеп чыккан. Кыргызстандын партиялык уюмдары ВКП(б) БКнын төгөрөгүнө биригип, Кыргызстанды агрардык респ-кадан индустриялык-агрардык респ-кага айландыруу б-ча зор иштерди аткарды, ВКП(б)нин Кыргыз обл. 6-конф-ясы (1930-ж. 8—10-июнь) партиянын башкы багытын турмушка ашыруу үчүн болгон күрөш Кыргызстандын эл чарбасын соц. кайра куруу ишинде бир кыйла ийгиликтерди камсыз кылганын белгиледи. Коммунист-



ВКП(б) Нарын кантондук комитетинин кеңейтилген 2-пленуму. 1927.

тердин идеялык-теориялык деңгээли көтөрүлүп, социалдык-экон. кайра түзүүлөрдү аткаруу үчүн болгон күрөштө партиялык уюмдардын активдүүлүгү оскон. 1929-жылдагы өз. ж. продукциясы мурунку жылга салыштырганда 20%ке көбөйгөн. Электрлештирүүнүн лениндик планы б-ча Аламүдүн ГЭСинин курулушу башталган. А. ч-сын коллективдештирүүдө ири ийгиликтерге жетишилген. Айдоо аянты кеңейип, а. ч. продукциясын даярдоо көбөйгөн. Совхоздордун жалпы жер аянты 1928-жылдагы 84 миң гадан 364 миң гага кеңейген. Малдын саны 87 миңден 178 миңге жеткен.

Кыргызстандын партиялык уюму 1-беш жылдык пландын милдеттерин ийгиликтүү аяктаган. 1928—32-ж. респ-када 50дөн ашык өз. ж. ишканасы ишке киргизилген. Өз. ж. өндүрүшүнүн дүң продукциясы 3,5 эседен көбүрөөк оскон. Кыргызстандын дыйкан чарбаларынын 67%и колхоздорго биригишкен. Коллективдештирүү айыл-кыштактарда Совет бийлигин чыңдап, жумушчу табы м-н дыйкан союзун бекемдеген. Эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын деңгээли жогорулаган.

Маданий рев-яның лениндик планы турмушка ашкан. ВКП(б)нин 17-конф-ясынын директивасын жетекчиликке алган Кыргызстандын партиялык уюму 2-беш жылдыктын планын аткаруу үчүн күрөштү кеңири жайылткан. ВКП(б)нин Кыргыз областтык 7-конф-ясы 1934-ж. 10—15-январда өткөн. Анда ВКП(б)нин обкомунун отчёту угулуп, ВКП(б) БКнын 2-беш жылдык план ж-догу ВКП(б)нин 17-съездинин кароосуна койгон тезиси толук жактырылган. Конф-яның чечимдеринде партиялык-саясий иштерди жакшыртуу, респканын маданияты м-н эл чарбасын андан ары жогорулатуунун кеңири программасы каралган. Конф-я идеологиялык иштерге, эмгекчилерди интернационалдык духта тарбиялоо, лениндик улут саясатын ишке ашыруу, партиялык уюмдардагы жаатчылыктын калдыктарына каршы күрөшүү маселелерине көңүл бурган.

Кыргызстан 2-беш жылдыкта (1933—37) индустриялык өнүгүү б-ча жаңы ийгиликтерге жетишкен. 1937-ж. Кыргызстандын бардык ө. ж-нда продукцияларды чыгаруу 1913-жылга салыштырганда 6 эсе көбөйгөн. Респканын дыйкан чарбаларынын 89,1% колхоздорго бириктирилген. Коллективдештирүүнүн натыйжасында көчмөн ж-а жарым көчмөн чарбалар отурукташкан чарбага өткөн. Кыргызстанда колхоз курулушун уюштурууга ж-а аны чыңдоого колхоз кыймылынын ветерандары И. Кочкорбаев, А. С. Щетина, И. П. Брусенко, А. В. Фролкин, Х. Таширов, А. Бортников, А. П. Коников ж. б. чоң үлүш кошкон. Соц. кайра түзүү процессинде Кыргызстанда жаңы тап — сов. жумушчу табы ж-а колхозчу дыйкан пайда болгон. Кыргыз элинин интеллигенциясы калыптанып, формасы улуттук, мазмуну соц. жаңы маданияты түзүлгөн. Кыргызстан Компартиясынын социализмди куруунун лениндик планын аткаруу, чарб. ж-а маданий курулуштун кыйынчылыгын жеңүү б-ча күрөшүндө Ж. Садаев, Б. Д. Исакеев, А. Орозбеков, Н. А. Узюков, К. Д. Шахрай, В. П. Шубриков, М. Л. Белоцкий, И. И. Куриков, М. Салихов, Х. Жээнбаев, Т. Айтматов, Т. Токбаев ж. б. коммунисттер жетекчи ролду ойногон.

Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшү респ-канын турмушундагы маанилүү окуялардын бири болду. Кыргызстандын өз алдынча сов. мамлекет болуп өнүгүшү кыргыз элинин СССРдин бардык элдери м-н бирге моралдык-саясий биримдигин ого бетер чыңдады. ВКП(б) БКнын 1937-ж. 23-апрелдеги «Кайрадан түзүлгөн республикалардын партиялык уюмдары жөнүндө» деген токтомуна ылайык ВКП(б)нин Кыргыз обл. уюму Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясы болуп аталган. Кыргызстан Компартиясынын 1-съезди 1937-ж. 5—16-июнда Фрунзе ш-нда өткөн. Ал партиялык уюмдун соц. курулуштун бардык тармагындагы иштеген иштеринин жыйынтыгын чыгарган. Респ-канын партиялык уюмунун алдында биринчи даражадагы маанилүү маселе социализмдин жеңишин бекемдөө, Кыргызстандын экономикасы м-н маданиятын андан ары көтөрүү үчүн эмгекчилерди мобилизациялоо маселелери турган. Съезд Кыргызстан КП БКнын жетекчилерин шайлаган.

Кыргызстан КПнин 2-съезди (1938-ж. июль) ө. ж. өндүрүшүнүн деңгээлинин жогорулагандыгын а. ч-ның түн-тамырынан бери өзгөрүп өскөнүн белгилеп, Кыргызстанды индустриялуу-агрардык респ-кага айландыруу партиялык уюмдун башкы милдети болуп кала берерин баса көрсөткөн. Оор ө. ж. ишканаларынын курулушуна көңүл бурулган. Айыл чарба жаа-ж-а жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруунун аяктоо маселелери көюлган. Кыштактардагы маданий курулуш б-ча кеңири чаралар белгиленген. Съезддин резолюциясында эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоо ж-а масса арасында партиялык-саясий иштерди күчөтүү маселеси курч коюлган. ВКП(б)нин 18-съездине (1939-ж. март) даярдануунун байланыштуу



Партиялык мектептеги окуу. Фрунзе. 1927.

Кыргызстан КПнин иш-аракети мурункудан да жандаган. Кыргызстандын коммунисттери «СССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн 3-беш жылдык планы жөнүндө» ж-а «ВКП(б)нин Уставына киргизилүүчү өзгөрүүлөр жөнүндө» деген докладдардын тезистерин талкуулап, бир топ кошумчалар, сунуштар киргизген. Кыргызстан КПнин кезексиз чакырылган 3-съездинде (1939-ж. февр.) тезисти талкуулоонун жыйынтыгы чыгарылган. Съезд ВКП(б) БКнын жоболорун бир добуштан жактырып, Кыргыз ССРинин эл чарбасын 1938—42-жылдарда өнүктүрүүнүн контролдук цифраларын талкуулаган. ВКП(б) БКнын тезистерин талкуулоо учурунда Кыргызстан Компартиясынын идеялык жактан бир кыйла өскөндүгү, уюмдашуу жактан чыцалганы, эмгекчи массалар м-н байланышы күчөгөнү айкын болду. Кыргызстан Компартиясы ВКП(б)нин 18-съезди койгон милдеттерди аткаруу үчүн күрөшүп, зор саясий ж-а уюштуруу иштерин жүргүздү. Кыргыз ССРинин 3-беш жылдык планы 2-беш жылдыктын милдеттеринен бир кыйла ашык болгон. ВКП(б)нин 18-съездинен кийин респ-калык партиялык уюмдун алдында жаңы Уставдын негизинде партиялык ички иштердин деңгээлин көтөрүү маселелери турду. 1941-жылга карай Кыргызстан КПнин катарында ВКП(б)нин 17 944 мүчөсү ж-а мүчөлүккө кандидаты болгон (1938-ж. 6,029). Баштапкы партиялык уюмдардын саны дээрлик эки эсе өскөн. Кыргызстан Компартиясынын составы алдыңкы жумушчулардын, кыштак эмгекчилеринин, интеллигенциянын эсебинен сапаттык жактан жакшырган.


1940-ж. 13—16-мартта Фрунзеде Кыргызстан КПнин 4-съезди болуп өттү. Ал Кыргызстан КПнин респ-канын чарб. ж-а маданий курулушун андан ары өнүктүрүү, Совет мамлекетинин коргонуусун чыңдоого багытталган чараларды жүзөгө ашыруу б-ча иш-аракеттеринин кеңири программасын белгиледи. ВКП(б) БКнын жетекчилиги м-н Кыргызстандын партиялык уюму ВКП(б)нин 15-, 17—18-съезддеринин улуттук респ-калардын чарб. ж-а маданий жактан артта калуучулугун жоюуга багытталган чечимдерин аткаруу б-ча зор иштерди иштеди. 1940-ж. Кыргызстандын бүткүл ө. ж. продукциясы 1913-жылдын деңгээлинен 10 эсе, оор ө. ж. продукциясы 153 эсе өстү. Кыргызстан индустриялуу-агрардык респ-кага айланды. Айыл чарба өндүрүшү ири масштабда өнүктү. 1940-ж. дыйкан чарбаларынын 98,1% колхоздорго бириккен. Колхоздун натуралай кирешеси 1933—40-жылдары 4,4 эсе көбөйгөн. Соц. индустрия м-н а. ч-ның осушүнүн негизинде кыргыз элинин материалдык жыргалчылыгы өркүндөп, маданияты гүлдөдү.

Кыргызстан Компартиясы ВКП(б)нин 18-конф-ясынын (1941-ж. февр.) чечимдерин ж-а СССРдин саясий, экон. ж-а коргонуу кубаттуулугун чыңдоого багытталган Коммунисттик партия м-н Совет өкмөтүнүн иш-чараларын жүзөгө ашыруу б-ча бир кыйла жумуштарды аткарды. Кыргызстан КП БК, облкомдор, шаркомдор ж-а кээ бир райкомдордо ө. ж. б-ча секретарь

деген кызмат оруну белгиленди. Бул болсо эл комиссариаттары м-н ведомстволордун план тапшырмаларын ийгиликтүү аткаруу ишинин жакшырышына комок берди. Ленин комсомолу ар дайым партиянын ишенимдүү жардамчысы болгон. Кыргызстан профсоюздары да эмгекчилерди эл чарба планын аткарууга мобилизациялоо ишинде, жумушчулар м-н кызматчылардын маданий ж-а профессиялык-тех. деңгээлин көтөрүү, о. эле турмуш-тиричилигин жакшыртуу б-ча зор иштерди аткарды.

Кыргызстан Коммунисттик партиясы Улуу Ата Мек. согуш жылдарында эл чарбасын согуштук жагдайга ылайык кайра түзүү ишин камсыз кылды. Ө. ж. ишканалары, а. и. өлкөнүн борб. райондорунан эвакуацияланып келген ишканалар да фронтко зарыл продукцияларды чыгарууну өздөштүргөн. Партиялык уюмдардын жетекчилиги м-н а. ч. эмгекчилери согуш мезгилинин оор шартында өлкөбүзгө а. ч. продукцияларын согушка чейинки беш жылдыктын жылдарына караганда бир кыйла көп берген. Кыргызстан Коммунисттик партиясы аскердик болүктөрдү даярдоо, түзүү, мобилизациялоо ж-а фронтко жөнөтүү б-ча зор иштер аткарган. Согуш жылдарында Сов. Армияга партиялык, сов. ж-а комсомолдук 1500дөн ашуун жетекчи кызматкер жөнөтүлгөн. Алардын арасында Кыргызстан КПнин секретарлары А. Рысмендиев м-н И. П. Боряк, респ-канын аскер комиссары И. В. Панфилов, партиянын Фрунзе обкомунун секретары С. К. Соловьев ж. б. бар эле. Партиянын таасири, анын эл м-н болгон байланышы согуштун каардуу күндөрүндө мурункудан да бекем чыңалган. Согуш жылдары өз катарынан 12 745 коммунисти фронтко жөнөткөнүнө карабастан, 1945-жылдын алгында Кыргызстан Компартиясынын 28 745 мүчөсү ж-а мүчөлүккө кандидаты болгон (1941-ж. 1-июлда 18 179).

Согуштан кийин 4-беш жылдык план б-ча Кыргыз ССРинде 1946—50-жылдарда ө. ж-ды, айрыкча оор индустрияны өнүктүрүүнү тездетүү белгиленген. Айыл чарбасы б-ча согушка чейинки деңгээлден бир кыйла көп продукция берүү милдети турган. Кыргызстан Компартиясы маанилүү чарбалык маселелерди чечүү м-н уюштуруу ж-а идеологиялык иштерди да күчөткөн. Марксизм-ленинизм классиктеринин бир катар чыгармалары басмадан кыргыз тилинде чыгарылып, К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а В. И. Ленин ж-догу эмгектер, партиянын документтери көбүрөөк жарыялана баштаган. 1949-ж. 10—14-февралда Кыргызстан Компартиясынын 5-съезди болуп өттү. Съезддер аралыгында (1940-ж. март — 1949-ж. февр.) Кыргызстанда 30дан ашык ири



Кыргызстан КП(б)нин 5-съездинин делегаттары. 1949.

ө. ж. ишканасы курулуп, ишке киргизилди. Кыргызстан Компартиясы СССР ЭКСинин 1946-ж. 2-февралдагы «Кыргыз ССРинин айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» ж-а ВКП(б) БКнын Февраль (1947) пленумунун «Согуштан кийинки мезгилде айыл чарбасын көтөрүү чаралары жөнүндө» деген токтомдорун аткарып, малдын санынын осушүнө ж-а алардын кунардуулугун арттыруурга, айдоо аянтын кеңейтүүгө ж-а а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн көбөйтүүгө жетишти. Съезд отчёттук мезгилдин ичинде баштапкы партиялык уюмдун тармагы 4 эседен ашык өскөнүн, саясий жетекчи уюм катары партиялык комитеттердин ролунун жогорулагандыгын канааттануу м-н белгилеп, өз чечимдеринде оор ө. ж-н андан ары өнүктүрүүгө, колхоз-совхоздордун чарб. уюмдашуусун чыңдоого көңүл бурду. Ө. ж. жаатында 4-беш жылдык план 1950-жылдын ортосунда мөөнөтүнөн мурда аткарылды.

1952-ж. 20—23-сентябрда Кыргызстан КПнин 6-съезди болуп өткөн. Съезд КПСС БКнын КПССтин 19-съездине карата жарыяланган 5-беш жылдык планды түзүү б-ча директивасынын ж-а партиянын жаңы Уставынын долбоорлорун талкуулап, бир добуштан жактырган. Кыргызстан КПнин 6-съезди Кыргызстан КПнин отчёттук мезгилиндеги иш-аракетинин жыйынтыгын чыгарып, эл чарбасы м-н маданиятты өнүктүрүүдөгү ийгиликтерди көрсөтүп, респ-канын партиялык уюмдарынын жаңы беш жылдыктагы милдеттерин аныктаган. КПСС БКнын Сентябрь (1953) пленумунда а. ч-сын жакшыртуу б-ча бир катар чаралар белгиленген. Кыргызстан КП БКнын 1953-ж. октябрда өткөн пленумунда респ-канын а. ч-сын өнүктүрүүнүн конкреттүү программасы иштелип чыккан. Респ-канын а. ч-сын жогорулатуу ж-догу маселе Кыргызстан КПнин 7-съездинин (1954-ж. 10—12-февр.) чечимдеринде да маанилүү орунду ээлеген. Съезд респ-канын эл чарбасын өнүктүрүүдөгү ийгиликтерди белгилөө м-н катар Борб. Комитет м-н жерг. парт. уюмдардын ө. ж-ды, айрыкча а. ч-н башкаруудагы кетирген кемчиликтеринин бетин ачкан. Съезд партиялык уюмдарды эл чарбасы м-н маданиятты жогорулатуунун планын аткаруу үчүн чечкиндүү күрөш жүргүзүүгө милдеттендирген. Кыргызстан КПнин 8-съезди 1956-ж. 24—26-январда болгон. Съезд 5-беш жылдык пландын ө. ж. жаатындагы тапшырмалары мөөнөтүнөн мурда аткарылганын канааттануу м-н белгилеген. 1950-жылга салыштырганда ө. ж. өндүрүшүнүн деңгээли 75%ке оскон. Айыл чарбасын өнүктүрүүдө да ийгиликтерге жетишилген. Кызматчылар м-н жумушчулардын накта кирешеси, колхозчулардын натуралай ж-а акчалай кирешеси жогорулап, социалдык-маданий чараларга жумшалчу мамл. чыгым көбөйгөн. Съезд КПСС БК иштеп чыккан СССРдин 1956—60-жылдардагы 6-беш жылдык планынын директиваларынын долбоорун бир добуштан жактырып, партиялык уюмдарды тех. прогрессти тездетүү б-ча иштерди уюштурууга, Кыргыз ССРинин 6-беш жылдык планынын тапшырмаларын ийгиликтүү аткаруу үчүн болгон массалык соц. мелдешти жайылтууга милдеттендирген.

1956-ж. февралда КПССтин 20-съезди отүп, анда СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 6-беш жылдык планы кабыл алынып, өлкөнүн чыгыш райондорунда оор индустрияны ар тараптан өнүктүрүү эл чарбасынын маанилүү милдети деп табылган. КПССтин 20-съездинин чечимдеринин негизинде соц. демократияны мындан ары өнүктүрүү курсун ишке ашыруу м-н катар КПСС БК 1956-ж. 30-июнда «Жеке адамга сыйынууну ж-а анын кесепеттерин жоюу жөнүндө» деген атайын токтом кабыл алган. Бүткүл партия сыяктуу эле, Кыргызстан Компартиясы жеке адамга сыйынуунун кесепетин жоюуну ийгиликтүү жүргүзүп, партиялык жетекчиликтеги коллегиялуулукту калыбына келтирүү, коммунисттердин активдүүлүгүн көтөрүү, рев-ялык закондуулукту катуу сактоо б-ча иш-чараларды жүзөгө ашырган. Кыргызстан Компартиясы 20-съездин чечимдерине таянып, кадрларды чыңдоо б-ча бир кыйла иштерди жүргүзгөн. Кыргызстандын эл чарбасы м-н маданиятын өнүктүрүүнүн КПССтин 20-съездинен кийинки алгачкы жыйынтыктарын Кыргызстан КПнин 9-съезди (1958-ж. 21—23-март) чыгарган. Съезд 6-беш жылдык пландын тапшырмаларын аткаруудагы жетишилген бир кыйла ийгиликтерди белгилеген; 1957-ж. ө. ж. продукциясын чыгаруу 1955-жылга караганда 20,4%ке оскон. 9-съезд КПСС БКнын Февраль (1958)

пленумунун чечимдерине ылайык МТСтерди кайра куруу б-ча иш-чараларды иштеп чыккан.

Респ-канын чарб. ж-а маданий курулушун башкарууну жакшыртууда КПСС БКнын «Кыргызстандын партиялык уюмдарында кадрлар менен иштоо жонүндө» деген токтому (1958-ж. 21-окт.) зор мааниге ээ болгон. Кыргызстан КП БКнын кезектеги пленуму (1958-ж. 31-окт.— 1-ноябрь) КПСС БКнын токтомун толугу м-н бир добуштан жактырып, респ-када кадрларды тандоону, жайгаштыруу ж-а тарбиялоону жакшыртуу б-ча чараларды иштеп чыккан. Кыргызстан Компартиясы партиялык-уюштуруучу ж-а идеологиялык иши — эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоону тынымсыз жакшыртып, агитациялык-пропагандалык ж-а маданий-массалык иштин формаларын ж-а методдорун оркүндоткон. КПСС БК м-н СССР Министрлер Советинин алдыдагы жаңы милдеттерге ылайык 1959—65-жылдарда эл чарбасын онүктүрүүнүн жети жылдык планынын долбоорун иштеп чыгып, ал КПССтин 21-съездинде талкууланган. КПССтин 21-съездинин урматына алынган соц. мелдештин жүрүшүндө эмгекке коммунистче мамиле кылуунун массалык кыймылы башталган. Кыргызстан Компартиясынын кезексиз 10-съезди 1959-ж. 12—13-январда болуп, КПССтин 21-съездинин жети жылдык планы ж-догү тезисин талкуулаган. Съезд КПСС БК иштеп чыккан жети жылдык пландын программасын бир добуштан жактырган. Жети жылдык планда Кыргыз ССРи б-ча о. ж-дын дүң продукциясын 2,2 эсеге кобойтүү каралган. Мал чарба продуктуларын, техникалык ж-а дан осүмдүктөрүнүн түшүмүн кобойтүү милдети коюлган. Эмгекчилердин жыргалчылыгын которүү, илимдин өсүшү, маданий курулуш жагындагы кеңири пландар белгиленген. Респ-канын эл чарбасын онүктүрүүгө жумшалган мамл. капиталдык салым мурунку 7 жылдагыга караганда 2,5 эсе ашык болгон. Респ-канын партиялык уюмдарынын 7 жылдык планды аткаруу үчүн белсенип иштөө шартында 1960-ж. 25—27-февралда Кыргызстан КПнин 11-съезди өткөн. Съезд Кыргызстан КПнин отчёттук мезгилдеги ишаракетинин жыйынтыгын чыгарып, о. ж. продукцияларын чыгаруу өсконүн, а. ч-нын онүгүшүндөгү жаңы ийгиликтерди (малдын саны кобойүп, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмү жогорулаган) баса көрсөткөн. Эмгекчилердин маданияты, турмуш жыргалчылык деңгээли которулгон. Мына ушунун баары лениндик партиянын саясий ж-а уюштуруучулук көп кырдуу ишмердигинин натыйжасында жетишилген.


1961-ж. 19—20-сентябрда Кыргызстан КПнин 12-съезди болуп өткөн. Съездде КПСС БК иштеп чыккан КПССтин жаңы Программасы м-н Уставынын долбоору талкууланып, бул документтер бир добуштан жактырылган. Кыргызстан КП БКнын докладында респ-канын партиялык уюмдарынын 11-съездден кийинки мезгилдеги иштеген иштеринин жыйынтыгы чыгарылган. Эмгекчилердин турмуш жыргалчылыгынын артышындагы, маданий курулуштундагы, экономиканын өсүшүндөгү жаңы ийгиликтер ж-дө айтылган. Кыргызстан КП отчёттук мезгилде саясий ж-а уюштуруу жактан чыңалган. Чарб. ж-а маданий курулушту жетектөөдөгү ролу которулгон. Кыргызстан КПнин катары да өскөн. 11-съезд м-н 12-съезддин аралыгында анын саны 6823 кишиге кобойгон. 12-съезд Кыргызстан КП БКны шайлаган.

1961-ж. октябрда КПССтин 22-съезди болгон. Съезд Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын жаңы Программасын бекитип, КПССтин Уставына өзгөрүүлөр киргизген. Съездден кийин партиянын, а. и. Кыргызстандын партуюмдарынын, о. эле бүткүл өлкөнүн эмгекчилеринин башкы милдети партиянын жаңы Программасын турмушка ашыруу болгон. Кыргызстанда соц. мелдеш жаңы күч м-н жайылтылып, эмгекке болгон коммунистче мамиле улам барган сайын массалык түргө жетти. Кыргызстан Компартиясынын 13-съезди (1963-ж. 27—28-дек.) Кыргызстандын партиялык уюмдары КПССтин күжүрмөн отряддарынын бири болуу м-н КПССтин 22-съездинин чечимдерин турмушка ашыруудa респ-канын экономикасы м-н маданиятын онүктүрүү, эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын которүү б-ча жаңы ийгиликтерге жетишкендигин белгиледи. Бул ийгиликтерди жаратууда,— деп көрсөткөн Кыргызстан КПнин 13-съезди,— КПСС БКнын 1963-жылдын 9-апрелиндеги «Кыргызстандын партиялык уюмдарынын өнөр жай, курулуш, айыл чарба боюнча жети жылдык планды аткаруудагы иштери жонүндө» деген токтому зор жардам берген. КПССтин ж-а бүткүл элдин жеминүү ишинде КПСС БКнын Октябрь (1964) пленуму зор мааниге ээ болгон. Экономика м-н өлкөнүн коомдук онүгүшүн башкаруунун лениндик принцибин терең сактоо м-н КПСС БК мамл., чарбалык ж-а партиялык курулушта жаңы ийгиликтерди камсыз кылуучу саясий багыты иштеп чыкты. Бул пленумда КПСС БКнын Биринчи секретары болуп Л. И. Брежнев шайланган.

Кыргызстан КП БКнын 1964-ж. 27-ноябрдагы пленуму респ-канын бардык коммунисттеринин атынан лениндик партиянын Борб. Комитетин респ-канын партиялык уюмдары КПСС БКнын айланасында мурдагыдан да тыгыз бат кошуп, коммунисттик курулуштун улуу программасын турмушка ийгиликтүү ашырууда Кыргызстандын эмгекчилерин мобилизациялай алат ж-а өзүнүн күжүрмөн жондомдүүлүгүн дагы жогорулатат деп ишендирген. Бул мезгилде партиянын Борб. Комитети а. ч-сын которүүгө багытталган жаңы агрардык саясатты иштеп чыккан. Л. И. Брежнев айткандай «...өнөр жайдын, маданияттын, илимдин жана техниканын дүркүрөп өсүшү менен айыл чарбасынын артта калуусунун ортосундагы дал келбөөчүлүктү» жоюу зарыл эле. КПСС БКнын 1965-ж. Март пленуму Л. И. Брежневдин «СССРдин айыл чарбасын мындан ары онүгүшү боюнча кечиктирилгис чаралар жонүндө» деген докладын талкуулаган. Пленум а. ч-сынын жай осүшүнүн себептерин толук ачып, а. ч-сын башкаруудагы кемчиликтерди, каталарды, а. ч-сынын тез осүшүнө тоскоол болгон бардык перселерди жоюуга багытталган чечим кабыл алган. Бул Март пленумунун чечимдери партиянын учурдагы агрардык саясатын ишке чыгуудагы ж-а аткаруудагы а. ч-сынын андан ары онүктүрүүдөгү бурулуш этабы болгон. 1966-ж. 3—4-мартта Кыргызстан КПнин 14-съезди болуп өткөн. Съезд КПСС БКнын 1966—70-жылдарда СССР эл чарбасынын онүгүшүнүн беш жылдык планы б-ча директивасынын долбоорун бир добуштан жактырган. Кыргызстан КП БКнын отчёттук докладында респ-канын партиялык уюмдарынын, бүткүл эмгекчилеринин жети жылдык пландын тапшырмаларын аткарууда бир кыйла ийгиликтерге жеткени белгиленген.

1966-ж. 29-мартган 8-апрелге чейин КПССтин 23-съезди болуп, партиянын Борб. Комитетинин саясий ж-а практикалык иш-аракети, о. эле Л. И. Брежневдин отчёттук докладында көрсөтүлгөн сунуштар м-н корутундулар толугу м-н жактырылган. Съезд 1966—70-жылдарда СССР эл чарбасын онүктүрүүнүн беш жылдык планы б-ча директиваны карап чыгып, бекиткен. КПССтин 23-съезди партиянын Уставына бир катар өзгөртүүлөрдү киргизген. КПСС БК Борб. Комитеттин Саясий бюросун (Президиумдун ордуна) ж-а КПСС БКнын Генералдык секретарын шайлоону караган. Партиянын Борб. Комитетинин Генералдык секретары болуп Л. И. Брежнев шайланган.

Кыргызстан КПнин 15-съезди 1971-ж. 3—5-мартта болгон. Кыргызстан КПнин Борб. Комитетинин отчёттук докладында КПССтин 23-съездинин чечимдерин турмушка ашырууда респ-канын партиялык уюмдарынын жетекчилиги м-н эмгекчилердин жетишкен бир кыйла ийгиликтери көрсөтүлгөн. Съезд КПССтин 24-съездинин 1971—75-жылдарда СССР эл чарбасын онүктүрүүнүн беш жылдык планы б-ча директивасынын долбоорун толугу м-н колдон, 9-беш жылдыкта респ-



Кремлдин Съезддер дворецинде өткөн КПССтин 26-съездинин заседание залы.


1


2


3


4


5


6

КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежневдин Кыргызстанга келиши. 1970, сентябрь. 1. Л. И. Брежневди ак дасторкон м-н тосуп алуу. 2. М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу заводунда. 3. Республикалык партиялык активдин чогулушунда. 4. Кыргыз ССРинин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө. КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү жа секретары К. У. Черненконун Кыргызстанда болушу. 1979, август. 5. К. У. Черненкону Фрунзе шаарынын эмгекчилеринин тосуп алуусу. 6. М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу заводунда.



КПССтин 23-съезди. Кыргызстандык делегаттар Кремлдин Съездер дворецинин жыйын залында. 1966.

канын эл чарбасын өнүктүрүүнүн контролдук цифралары бекиткен. Кыргызстан КПнин 15-съезди Улуу октябрдын 50 жылдыгын майрамдоодо ж-а В. И. Ленин-дин туулган күнүнүн 100 жылдыгын белгилөөдө Кыргызстандын көп улуттуу эмгекчилери коомдук-саясий ж-а эмгектик активдүүлүктү көрсөтүп, ал даталарды жаңы күч м-н тосконун капаттануу м-н белгилеген. Респ-канын эмгекчилери даңктуу юбилейлерди татыктуу тосуу үчүн бүткүл элдик соц. мелдешке кошулуп, 8-беш жылдыктын планын ж-а тапшырмаларын ийгиликтүү аткарышты. Кыргызстандын партиялык уюмдары КПССтин 23-съезднин ж-а БКнын кийинки пленумдарынын чечимдерин аткаруу м-н партиялык-уюштуруу ж-а идеялык-саясий иштерди жакшыртып, партиянын катарын негизинен жумушчулар м-н колхозчулардын эсебинен өстүрүүнү камсыз кылды. КПССтин 23- ж-а 24-съезддеринин аралыгында Кыргызстандын партиялык уюмуна 21 102 киши мүчөлүккө өттү. Эгерде, 1965-ж. партияга мүчөлүккө кабыл алынгандардын 58% жумушчулар м-н колхозчулар болсо, 1970-ж. алар 69,5%ти түзгөн. Респ-канын партиялык уюмдарындагы коммунисттердин 72%тен көбү материалдык өндүрүштө иштеген. Булардын бардыгы респ-канын партиялык уюмдары м-н эмгекчилеринин байланышын чыңдоого, коммунисттердин экономикалык ж-а коомдук-саясий турмушка болгон жемиттүү таасирин күчөтүүгө көмөк берген. Респ-калык партиялык уюмдардын идеялык-тарбия иш-аракеттери бир кыйла байыган. КПССтин 23-съезднин чечимдери. Октябрь рев-ялынын 50 жылдыгы ж-а В. И. Ленин-дин туулган күнүнүн 100 жылдыгы жөнүндөгү. о. эле Улуу Октябрь Социалисттик рев-ялынын жеңишинин элүү жылдыгы тууралуу ж-а дагы башка белгилүү даңктуу даталарга арналган партиялык документтерди терең үйрөнүп, кеңири пропагандалоо, КПСС БКнын «Коомдук илимдерди мындан ары оркүндөтүү жана коммунисттик курулушта алардын ролун көтөрүү боюнча чаралар жөнүндө» (1967) деген токтому ж. б. партиялык документтер, о. эле Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын Москва кеңешмеси (1969) респ-калык партиялык уюмдардын эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоодогу идеологиялык иш-аракетин активдештирди, коомдук илимдер б-ча изилдөөлөрдүн илимий-теориялык деңгээлин көтөрүүгө көмөк болуп, иск-во м-н адабиятты идеялык жактан байытты. Партиялык документтерди кыргыз тилинде басып чыгаруу, В. И. Ленин-дин 45 томдон турган чыгармалар жыйнагын кыргызча басууну аяктоо, Маркс, Энгельс м-н Ленин-дин айрым чыгармаларын басмадан чыгаруу баа жеткис мааниге ээ болду. 1970-жылы 7-сентябрда Фрунзе шаарында болуп өткөн республикалык партиялык активдин чогулушунда Кыргызстанда жашап жаткан көп сандаган улуттардын бекем достугуна жана алардын кызматташтыгына жогору баа берилген. Муну республиканын партиялык уюмдары м-н эмгекчилери терең кадырлоо ж-а чоң жоопкерчиликти сезүү м-н кабыл алышты.

1971-жылы 30-марттан 9-апрелге чейин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын 24-съезди болуп өткөн. Съездде КПСС БКнын Отчёту талкууланып, КПСС БКнын саясий багытын жана практикалык иш аракеттерин жактырган. СССР эл чарбасын 1971—75-жылдарда өнүктүрүүнүн беш жылдык планы б-ча директиваларын бекиткен. Съезд Эл аралык коопсуздуктун ж-а тынчтыктын программасын жарыялаган. 24-съезд өнүккөн социализмге кеңири мүмкөндөмө берген. КПССтин жетекчилиги, совет элинин жан аябас эмгеги м-н өлкөбүздө өнүккөн социализм курулду. Эл чарбасын, соц. коомдук мамилелерди, эл массасынын аң сезимдүүлүгүн, маданиятын оркүндөтүүнүн өтө бийик деңгээлине жетишилди. Бардык союздаш республикалар гүлдөп өнүгүп, соц. улуттардын жакындашуу процесси күчөдү. Социалдык түп-тамырынан берки өзгөрүүлөрдүн натыйжасында элдердин тарыхый жаңы жалпылыгы — **совет эли** калыптанып, ийгиликтүү өнүгүүдө. Советтик Кыргызстандын эмгекчилери респ-калык партиялык уюмдардын жетекчилиги м-н КПССтин 24-съездинин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн күрөштү чыгармачыл жогорулатып м-н жайылтышкан. 1972-ж. СССРдин түзүлгөнүнө 50 жыл толгонун көп улуттуу бир тууган үй-бүлодогу Кыргызстандын эмгекчилери салтанаттуу белгилеп, 9-беш жылдык пландын тапшырмаларын ашыра аткаруу үчүн болгон күрөштү жаңы күч м-н жайылтышкан. Кыргызстанда 1972-ж. соц. мелдешке 700 миң киши катышып, алардын 272 миңи эмгекке коммунисттик мамиле кыймылы үчүн күрөшкөн. Совет элдеринин 1-Май, Улуу Октябрдын жылдыгы, В. И. Ленин-дин туулган күнү ж. б. маанилүү окуяларды эмгек вахтасы м-н белгилөөсү салтка айланган. Жыл сайын апрелде Бүткүл союздук Лениндик ишембилик откорүлүп турат. Кыргызстандын эмгекчилери бул атактуу даталарды соц. мелдештеги жаңы ийгиликтер ж-а партиянын тапшырмаларын ашыра аткаруу м-н тосуп алышат.

1974-ж. респ-канын эмгекчилери үчүн эң маанилүү жыл болду. 1974-ж. 22-январда Кыргызстан КП БКнын Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгы жөнүндө токтому жарыяланган. Респ-канын эмгекчилери партуюмдардын жетекчилиги м-н кыргыз элинин тарыхындагы айрыкча маанилүү бул юбилейди татыктуу тосуу үчүн мелдешке катышып, эл чарбасын ж-а маданиятты өнүктүрүүдө ири ийгиликтерге жетишти. КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан КПнин 50 жылдыгына арналып, Фрунзеде өткөн салтанаттуу чогулушта сүйлөгөн сөзүндө Кыргызстандын эмгекчилери «...басып өткөн жарым кылымдын ичинде өндүрүштүн бардык чөйрөсүндө, улуттук маданиятты, элге билим берүүнү, саламаттык сактоону өнүктүрүүдөгү өздөрү жетишкен эң сонун ийгиликтери менен сыймыктана алышат. Алар өздөрүнүн эркин чыгармачыл эмгеги менен жаңы адамды — социалисттик коомдун адамын, жаңы турмушту, элдердин ортосундагы жаңы мамилени аң-сезимдүү жаратуучу адамды, социалисттик коомдун кызыкчылыгын өз кызыкчылыгындай көргөн адамды калыптандырганы менен сыймыктана алат»,— деп баса белгилеген. Кыргыз ССРи өзүнүн 50 жылдык юбилейин биздин көп улуттуу өлкөбүздө коммунисттик коомду курууга кошкон өзүнүн үлүшү улам көбөйгөн мезгилде ж-а өз туусуна эки Ленин, Эл Достугу, Октябрь Революциясы ордендери тагылган мезгилде белгилеген.

1976-ж. 16—18-январда Кыргызстан КПнин 16-съезди болуп өткөн. Съездде Кыргызстан КП БКнын отчёту ж-а КПССтин 25-съездинин «СССРдин эл чарбасын

1976—80-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарының» долбоору талкууланган. Кыргызстан КПнин 16-съезди респ-канын партиялык уюмунун Борб. Комитетинин 15-съездеп кийинки жылдардагы ишин жактырып, КПСС БКнын партиянын 25-съездине долбоорун бир добуштан колдоп, 1976—80-жылдарда (10-беш жылдык) Кыргыз ССРинин эл чарбасын өнүктүрүүдөгү контролдук цифраларын белгилеген. КПСС Борбордук Комитетинин 1975-жылы декабрда өткөн пленумунда 9-беш жылдыктын жыйынтыгы мүнөздолүү м-н бирге: «Биз алга карай жакшы кадам шилтедик. Эгер коомдук өндүрүштүн өсүшүнүн абсолюттук масштабын алсак, анда 9-беш жылдык биздин өлкөбүздүн тарыхындагы жакшы беш жылдык болот. Биздин мекен дагы да бай, дагы да күчтүүроок болуп калды. Совет эли жакшы жашап калды. Бул — партиянын иш аракетине жогорку баа»,— деп баса белгиленген.

Кыргызстан Компартиясы да ири ийгиликтерге жетишти. Респ-канын экономикасы СССРдин эл чарба комплексинин бирдиктүү составдык бөлүгү катары 9-беш жылдыкта бир кыйла ийгиликтерге ээ болду. 1971—75-жылдарда респ-када 70 жаңы ишкана ж-а ири цех, алардын ичинде Токтогул ГЭСи ишке киргизилген. 5 жылда өндүрүштүн жалпы көлөмү 52%ке өсүп, КПССтин 24-съездинин Директивасынын Кыргызстанда о. ж. өндүрүшү 45—48%ке көбөйтүлсүн деген тапшырмасы мөөнөтүнөн мурда, 1975-ж. 25-августа аткарылган. Бул өсүүнүн төрттон үчү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен жетишилген. Респ-канын партиялык уюмдарынын КПСС БК м-н СССР Министрлер Советинин 1973-ж. 2-мартгагы о. ж-ды башкаруунун өркүндөтүү, өндүрүш бирикмелерин түзүү ж-дегү токтомунун негизинде о. ж. ишин жакшыртуу б-ча жүргүзгөн иш-чаралары негизги мааниге ээ болду. КПСС БКнын Март (1965) пленуму иштеп чыгып, КПССтин кийинки съездлери м-н БКнын пленумдарынын чечимдеринде өркүндөтүлгөн партиянын агрардык саясатын турмушка ашыруу үчүн респ-канын бардык партиялык уюмдары бүт күчүн жумшады. Беш жылдын ичинде респ-кага 15 миң трактор, автомашина ж. б. айыл чарба техникасы, 4 млн т минерал жер семирткич (8-беш жылдыкка караганда 1,5 эсе көп) берилген. А. ч. продукциясынын дүң жыйымы беш жыл ичинде 790 млн сомго көбөйүп, 5 млрд 46 млн сомду түзгөн. Тогузунчу беш жылдыкта идеологиялык маселелер б-ча КПССтин 24-съездинин чечимдери м-н кийинки документтерин жетекчиликке алып, респ-канын партиялык уюмдары эмгекчилерди, өсүп келе жаткан муундарды коммунисттик духта тарбиялоо б-ча чоң иштерди жүргүзүп, бардык жетекчи кадрлардын, коммунисттердин маркстик-лениндик окуусун уюштурду. Жогорку окуу жайларында коомдук илимдерди окутуунун идеялык-теориялык деңгээлин андан ары жакшыртуу б-ча да чаралар көрүлдү. Республиканын жазуучу, сүрөтчү, кинематографист, композитор, архитекторлорунун 1971—75-жылдарда өткөн съездери чыгармачыл союздардын иш аракеттерин карап чыгып, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын 24-съездинин чечимдерин жана КПСС БКнын токтомдорун жетекчиликке алып, адабият менен искусство кызматкерлерин коммунисттик курулушка мындан да жигердүү катышууга багыттаган. Кыргызстан Компартиясы идеологиялык иштин бардык участкасына орчундуу көңүл буруп, бардык тарбия ишине комплекстүү мамиле жасоону өнүктүрүп, эмгекке, адептүүлүккө ж-а идеялык-саясий жактан тарбиялоонун тыгыз биримдигин камсыз кылды.

1976-ж. 24-февралдан 5-мартка чейин КПССтин 25-съезди болуп өттү. «Онунчу беш жылдык план бардык беш жылдык пландардай эле,— деп баса белгиленген КПССтин 25-съездинде,— биздин улуу социалисттик Мекенибизди түзгөн бардык республикалардын, улуттар менен элдердин өнүгүшүнүн программасы болот... Бүткүл өлкөнү камтып түзүлгөн бирдиктүү чарбалык организм — бул элдердин достугунун жана кызматташтыгынын бекем материалдык негизи». КПССтин 25-съездинин чечимдерине шыктанган Кыргызстандын эмгекчилери съездде иштелип чыккан программаны бир добуштан жактырышып, 10-беш жылдыктын тапшырмаларын аткарууга белсенип киришкен. Кыргызстанда эмгекке коммунистче мамиле жасоо кыймылы массалык мүнөзгө айланып, 1978—79-жылдарда ага 400 миңдей киши катышты. Коммунисттик эмгектин ударниктери м-н коллективдеринин саны өскөн. Улуу Октябрдын 60 жылдыгынын урматына жогорулатылган милдеттенме алган о. ж. курулушундагы, транспорттогу, а. ч-дагы миңдеген эмгекчилер тапшырмаларын белгиленген мөөнөттөн мурда аткарышкан. Коммунистер милдеттин авангарды болушкан. Партиянын өз жумушчу орундарында иштеген 45,5 миң мүчөсүнүн 44,3 миңи өздөрүнүн юбилейлик милдеттенмелерин ийгиликтүү аткарышкан. Партиянын 10-беш жылдыкта: «Мыкты иштөп, патыйжалуулукту жана сапатты көтөрөлү» — деген милдеттик девизин турмушка ашыруу м-н Кыргызстандын эмгекчилери эмгек өндүрүмдүүлүгүн үзгүлтүксүз көтөрүүгө, иш сапатын жогорулатууга, респ-канын экономикасын чыңдоого жетишип, 10-беш жылдыкты ийгиликтүү аяктады. Беш жылдыктын биринчи эки жылынын планы эң маанилүү буюмдарды чыгаруу ж-а о. ж. продукцияларын сатуу б-ча ашык орундалган.


Азыркы этаптагы агрардык саясаттын негизги багыттарын аныктаган КПССтин 25-съездинин чечимдерин ж-а КПСС БКнын «Чарба аралык кооперация менен агроөнөр жай интеграциясынын базасында айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну мындан ары өнүктүрүү жөнүндөгү» токтомун жетекчиликке алып, Кыргызстандын партиялык уюмдары мал чарба азык-түлүгүн даярдоону көбөйтүү, дан ж. б. дыйканчылык азык-түлүгүнүн дүң жыйымын жакшыртуу чараларын ишке ашырды. Бул иштер СССРдин айыл чарбасын ого бетер жакшыртуу жөнүндегү маселелерди караган КПССтин Борбордук Комитетинин июль (1978-ж.) Пленумунан кийин да кенен кулач жайган. Июль Пленумунда партия менен элдин азыркы учурдагы агрардык саясатын ишке жүзүнө ашыруудагы иш аракеттеринин жыйынтыктары терең жана ар тараптуу анализделген. Пленумдун чечимдери олконун бардык партиялык уюмдарынын көңүлүнүн борборунда болуп калды. Кыргызстандын эмгекчилери да партиянын лениндик агрардык саясатын толугу м-н колдоп, бардык эле совет элиндей патриоттук умтулуу м-н эл чарбасынын негизги тармагында жаңы жогорулашка жетүүгө белсенип киришкен. Респ-ка 1978-ж. эле эгиндин дүң жыйымы б-ча 1980-жылга пландаштырылган деңгээлге жеткен.

10-беш жылдыкта чарб. ж-а маданий курулуш б-ча респ-канын алдына коюлган чоң милдеттер партиялык уюмдардын күчүрмөн жөндөмдүүлүгүн ар тараптан көтөрүүнү талап кылды. Бул б-ча КПСС БКнын 1976-ж. сентябрдагы «Партияга кабыл алуу жана КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо боюнча Кыргызстандын партиялык уюмдарынын иши жөнүндө» деген токтому маанилүү роль ойногон. Токтомдо өлүккөн социализмдин шартында партиянын сапаттык составын мындан ары жакшыртуу б-ча 25-съездин көрсөтмөлөрү конкреттештирилген. КПСС БКнын бул токтому иштин ар тарабын камтып, масштабдуу мүнөздө болгон. Ал, бүткүл партия сыяктуу эле, респ-канын партиялык уюмдарынын кадыр-баркын ж-а ролун көтөрүүгө, КПССтин 25-съездинин чечимдерин ийгиликтүү аткаруу үчүн эмгекчилерди мобилизациялоодогу уюштуруу ж-а идеялык-саясий иштерди жакшыртууга комок берген.

«Партиялык жетекчиликтин деңгээли,— деп белгиленген КПССтин 25-съездинде,— биздин партиябыздын негизин түзүп турган баштапкы партиялык уюмдардын канчалык күчүрмөндүүлүк мөнөп жана дем-


милгөлүү иштөп жатышына түздөн-түз байланыштуу болот». КПССтин 25-съездинин чечимдерин ж-а ошондой эле анын көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алган респ-канын партиялык уюмдары баштапкы партиялык уюмдардын иш-аракетине көбүроок көңүл буруп, алардын күчүрмөндүүлүгүн даңы жогорулатуу б-ча камкордукту көп коро баштады. Бул маселе б-ча конкреттүү чаралар Кыргызстан КП БКнын 1976-ж. июндагы токтомунда иштелип чыккан. КПССтин бардык отряддарындай эле, Кыргызстан Компартиясы да өзүнүн иш-аракеттерин партиялык турмуштун лениндик нормалары м-н принциптеринин негизинде жүргүзот, партиянын лениндик идеологиялык ж-а уюштуруучулук принциптерин ыйык сактайт.

СССРдин жаңы Конституциясы, анын негизинде иштелип чыгып кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясы респ-канын саясий ж-а социалдык-экон. өнүгүшүнө чоң таасир көрсөттү. Кыргызстандын партиялык уюмдары Эл депутаттар советтеринин сов. коомдун турмушундагы ролун көтөрүү ж-дө ар дайым камкордук көрөт. Профессиялык союздар респ-канын партиялык уюмдарынын жетекчилиги м-н соц. мелдешти жайылтууда, эмгекчилерди коммунисттче эмгектенүүгө тарбиялоодо, элдин турмуш тиричилигин ж-а эмгек шартын жакшыртууда зор иштерди жүргүзот. Партиялык комитеттер, баштапкы партиялык уюмдар профсоюздардын чыгармачыл демилгелерине ар дайым багыт берип, алардын эмгекчилерди өндүрүштү башкарууга тартууга болгон иш-аракеттерин бардык жактан колдойт. Кыргызстандын партиялык комитеттери м-н баштапкы партиялык уюмдары идеологиялык иштерди башкаруунун оркүндөтүп, идеялык-тарбиялык таасир көрсөтүүнүн азыркы кездеги каражаттарынын бүткүл арсеналын ар тараптан пайдалануу жетишүүдө. Тарбия ишине болгон комплекстүү мамиле улам кеңири киргизилүүдө. 1977-ж. июнда «Совет эли өнүккөн социализмдин жаңа коммунизм курулушунун азыркы этабында» деген темада Фрунзе ш-нда өткөн Бүткүл союздук илимий-теориялык конф-я Улуу Октябрдын 60 жылдыгына арналып, респ-канын партиялык уюмдарынын идеялык-тарбия иш-аракетине олуттуу таасирин тийгизген. Бул конференция Кыргызстан Компартиясынын, СССР ИА м-н Кыргыз ССР ИАнын демилгеси б-ча өткөрүлгөн. Конф-яда Компартиянын биздин өлкөбүздө Совет бийлигинин 60 жыл ичинде басып өткөн жолунун эң башкы жыйынтыгынын бири болгон элдердин



КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү ж-а БКнын секретары К. У. Черненкону тосуп алуу. Фрунзе. 1979.

жаңы тарыхый жалпылыгы — совет элинин келип чыгышы болуп эсептелет деген жобосу терең ачылган. Совет элинин коммунизм жолунда өнүгүшүндөгү КПССтин жетекчи ролу ар тараптан корсөтүлгөн. Респ-када саясий ж-а экон. билим берүүнүн ыраттуу системасы иштейт. Масса арасында иштөөчү лектор, пропагандист, агитаторлордун чоң отряды тартылган. Респ-канын «Билим» коому эмгек коллективдеринин арасында чоң иш жүргүзот. Марксизм-ленинизм идеяларын пропагандалоодо, эмгекчилерди эл достугунун, сов. патриотизмдин, лениндик интернационализм идеясынын духунда тарбиялоодо партуюмдардын идеялык-тарбия иш-аракетинин борбору болуп калды. Кыргызстандын коммунисттери ж-а бардык эмгекчилери Л. И. Брежневдин «Кичи жер», «Кайра жаралуу», «Дың жер», «Эскерүүлөр» деген китептеринин чыгышын зор кызыгуу м-н кабыл алышты. Бул чыгармалар республикалык партиялык уюмдардын идеялык-тарбиялык жана уюштуруу иш аракеттерин жүргүзүүгө жардам берди. Коммунисттик партия жерг. партиялык уюмдардын структурасын жакшыртууга ар дайым көңүл болуп келген ж-а болот. Респ-када азыркы админ. болүнүүгө ылайык партияның 4 обкому (Ош, Ысык-Көл, Нарын, Талас), 13 шаардык комитети, 4 шаардык райкому (Фрунзе ш-нда) ж-а 40 айылдык райкомдору иштейт. 16-съезддеп 17-съездге чейин Кыргызстандын партиялык уюмдарына 16 666 киши кабыл алынган. Партиянын негизги күчтору материалдык өндүрүш чөйрөсүндө, а. и. о. ж., курулуш, транспорт ж-а байланышта 35,3%, а. ч-да 32,8% топтолгон. Бүткүл партиядагыдай эле Кыргызстандын партиялык уюмунда да жумушчу табы алдыңкы орунду ээлейт. Респ-канын партиялык уюмдарынын составынын (1983) 39,7%ин жумушчулар, 20,9%ин колхозчулар, 39,4%ин кызматчылар түзөт. Кызматчы коммунисттердин көбү инженер-техникалык кызматкерлер м-н а. ч-сынын адистери. КПССтин мүчөлөрүнүн ичинде аялдардын саны көбөйүдө. 1926-ж. Кыргызстанда 196 коммунист аял болсо (4,8%), 1983-ж. алардын саны 38 миңден (28,4%) ашкан. Бул болсо өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда, респ-канын чарб. ж-а маданий курулушунда аялдардын ролунун өскөнүн көрсөтөт.



Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгына арналган заседание. Фрунзе. 1977.

Респ-калык партиялык уюм өзүнүн составы б-ча интернационалдуу, аның катарында 73 улуттун алдыңкы өкүлдөрү бар. Кыргызстан Компартиясынын көп улуттуу составы, ар түрдүү улуттун алдыңкы өкүлдөрүнүн биргелешип иштөөсү аның күчүрмөн жөндөмдүүлүгүн көтөрүүдө зор роль ойноду. Кыргызстан КПсы Совет бийлигин чыңдоодо, көп улуттуу өлкөбүздө коммунисттик коомду куруу үчүн күрөштө респ-канын эмгекчилеринин авангарды болуп эсептелет.

Кыргызстан Компартиясынын 1981-ж. 20—22-январда өткөн 17-съезди респ-калык партиялык уюмдун лениндик КПСС Борб. Комитетинин ж-а аның Саясий бюро-



КПССтин 26-съездинин Кыргызстандан барган делегаттары Кызыл Аянтта. 1981.

сунун айланасына бекем баш кошкондугун салта паттады. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Коми тетинин биринчи секретары Т. У. Усубалиевдин

Кыргызстан Компартиясынын сандык составынын динамикасы

Жылдар (1-январга карата)	Коммунисттердин саны		
	бардыгы	партиялык мүчөлүккө	мүчөлүккө кандидаттар
1925	3178	1208	1970
1939	6852	3683	3169
1941	17944	9628	8316
1946	28745	19620	9125
1959	58808	53803	5005
1979	118237	112680	5557
1983	135235	128465	6770

жасаган отчёттук докладында респ-калык партиялык уюмдун партиянын 25-съездинин, КПСС БКнын кийинки пленумдарынын тарыхый чечимдерин ишке ашыруу б-ча иштердин ар тарапту терең анализделип, Кыргыз ССРинин 11-беш жылдыкта ж-а жакынкы перспективада экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн актуалдуу маселелери корсотулгон. 17-съездде Кыргызстан КП БКга 136 мүчө, 63 мүчөлүккө кандидат; Компартиянын Текшерүү комиссиясына 41 адам шайланган. Съезд КПССтин 26-съездине делегаттарды шайлаган. 1981-ж. 1-январда Кыргызстан Компартиясынын катарында 126 402 коммунист (КПСС мүчосү — 120 098, КПСС мүчолүгүнө кандидаты — 6304) болгон.

Кыргызстан Компартиясынын социалдык абалы б-ча составы (1983-ж. 1-январга карата % м-н)

Бардык коммунисттер алардын ичинде:	100
жумушчулар	39,7
дыйкандар (колхозчулар)	20,9
кызматчылар ж. б.	39,4

Бул таблицалардан корунгондой Кыргызстандын коммунисттеринин басымдуу болугун (59,4%) жумушчу м-н колхозчулар түзөт. Кыргызстан Компартиясынын катарындагы кызматчылардын бир кыйласы — интеллигенттер.

Кыргызстан Компартиясынын билими б-ча составы (1983-ж. 1-январга карата % м-н)

Бардык мүчолор ж-а мүчолүккө кандидаттар алардын ичинде:	100
жогорку ж-а толук эмес жогорку билимдүүлөр	30,1
орто билимдүүлөр	44,6
толук эмес орто билимдүүлөр	15,0
башталгыч билимдүүлөр	8,9

Жогорку ж-а атайын орто билимдүү адис коммунисттердин саны 1980-ж. 1-январда 58 855 кишини түзгөн.

Кыргызстан Компартиясынын баштапкы партиялык уюмдары (1983-ж. 1-январга карата)

Бардык баштапкы партиялык уюмдар алардын ичинде:	4769
өнөр жай, транспорт, байланыш ж-а курулуш ишканаларында	1252
колхоздордо	180
совхоздордо	295
мекемелерде, уюмдарда ж-а чарбалык органдарда (борбордуктан райондукка чейин)	951
окуу жайларда, илимий, маданий-агартуу ж-а дарылоо мекемелеринде	1409
соода ж-а коомдук тамактануу ишканаларында	185
жана башка ишкана, мекемелерде	497

Биримдиктин жана баш кошкондуктун кырдаалында 1981-жылдын 28-февралынан 3-мартына чейин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын 26-съезди откон. Ага коммунисттик, жумушчу жана улуттук-демократиялык партиялардан, саясий кыймыл м-н уюмдардан 123 делегация катышкан. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын 26-съездинде КПСС Борбордук Комитетинин Отчёту жасалган. Съезд КПСС БКнын отчёттук докладын, «1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарын» жактырган. Ал КПССтин Программасынын жаңы редакциясын даярдоо ж-да токтом кабыл алып, партиянын жетекчи органдарын шайлаган. Кыргыз ССРинин коммунисттери, эмгекчилери, бүткүл совет элинде эле, КПССтин 26-съездинин корсотмолорун ишке ашырып жатат.

КПСС БКнын ноябрь (1982) Пленумунда Ю. В. Андропов КПСС БКнын Генеральный секретарлыгына шайланды. КПСС ж-а бүткүл совет эли Ю. В. Андроповдун КПСС БКнын ноябрь (1982) ж-а июнь (1983) Пленумдарында, партиянын ветерандары менен жолугушуусунда сүйлогон сөздөрүндө, о. эле «Карл Маркс жана СССРде социалисттик курулуштун кээ бир маселелери» деген макаласында коюлган саясий маанилүү милдеттерди турмушка ашырууда. Ю. В. Андроповдун сүйлогон сөздөрү м-н макалалары эмгекчилердин саясий жолбашчысы жана тарбиячысы — КПССтин жетектоочу, багыттоочу ролуна арналган.

Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин биринчи секретарлары (1937-жылга чейин Кыргызстан ВКП(б)нин обкомунун секретары): М. Д. Каменский (1924—25), Н. А. Узюков (1925—27), В. П. Шубриков (1927—29), М. М. Кульков (1929—30), А. О. Шахрай (1930—33), М. Л. Белоцкий (1933—37), М. К. Амосов (1937—38), А. В. Вагов (1938—45), Н. С. Боголюбов (1945—50), И. Р. Раззаков (1950—61), Т. Усубалиев (1961-жылдан).

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Бюро мүчөлөрү (1983): А. Дүйшеев, А. Жумагулов, Т. Кошоев, А. Карыпкулов, Н. П. Ломов, В. А. Макаренко, А. Масалиев, Н. Г. Минич, К. Молдобаев, П. И. Наумов, Т. Усубалиев, П. М. Ходос.

Бюро мүчөлүгүнө кандидаттар: Э. Абакиров, В. К. Долматов, Ж. Ч. Ташыбекова.

Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин секретариаты: Т. Усубалиев, В. А. Макаренко, А. Карыпкулов, А. Жумагулов, П. И. Наумов.

Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетине караштуу мекемелер: Партия тарыхы институту — КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм институтунун Кыргызстандагы филиалы, Саясий-агартуу үйү, Басмакана, Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетине караштуу курстар, КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектептин сырттан окуу бөлүмүнүн консультанты.

Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин басма сөз органы: «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизия», «Шыйуэди чи», («Октябрь туусу», дунган тилинде) газеталары; «Коммунист» — теориялык ж-а саясий журналы; «Чалкан», «Кыргызстан аялдары», «Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору» (орус ж-а кыргыз тилдеринде) журналдары.

Кыргызстан Компартиясынын съезддеринин ж-а областтык партиялык конф-ларынын даталары

Областтык партиялык конференциялар

1-конф-я	1925-ж. 23—26-март
2-конф-я	1925-ж. 2—4-ноябрь
3-конф-я	1927-ж. 1—8-март
4-конф-я	1927-ж. 18—21-ноябрь
5-конф-я	1929-ж. 15—25-март
6-конф-я	1930-ж. 8—10-июль
7-конф-я	1934-ж. 10—15-янв.

Кыргызстан Компартиясынын съезддери

1-съезд	1937-ж. 5—16-июнь
2-съезд	1938-ж. 3—15-июль
3-съезд (кезексиз)	1939-ж. 22—25-февр.
4-съезд	1940-ж. 13—16-март
5-съезд	1949-ж. 10—14-февр.
6-съезд	1952-ж. 20—23-сент.
7-съезд	1954-ж. 10—12-февр.
8-съезд	1956-ж. 24—26-янв.
9-съезд	1958-ж. 21—23-март
10-съезд (кезексиз)	1959-ж. 12—13-янв.
11-съезд	1960-ж. 25—27-февр.
12-съезд	1961-ж. 19—21-сент.
13-съезд	1963-ж. 27—28-дек.
14-съезд	1966-ж. 3—4-март
15-съезд	1971-ж. 3—5-март
16-съезд	1976-ж. 16—18-янв.
17-съезд	1981-ж. 20—22-янв.

Партиянын съезддерине Кыргызстан Компартиясынан жиберилген делегаттар

ВКП(б) нин 14-съездине

И. А. Зеленский
Машрапов (делегаттыкка шайланган, бирок съездге катышкан эмес)
Ж. Садаев — И. А. Узюков
И. Тойчиев — И. Якупбаев

ВКП(б) нин 15-съездине

Ж. Садаев, Т. Токбаев, И. А. Шемяков, В. П. Шубриков

ВКП(б) нин 16-съездине

М. М. Кульков, Г. Н. Патлин, О. Тынаев
М. Мундузбаев, Ж. Садаев, В. Я. Чернышов

ВКП(б) нин 17-съездине

М. Л. Белоцкий, И. И. Куршков, Н. А. Пасхуцкий
П. Е. Зайцев, Х. Нурмухамедов, М. Салихов
Б. Исакеев, И. Оторов

ВКП(б) нин 18-съездине

А. В. Вагов, Т. Кулатов, А. Толубаев
С. И. Зайцев, П. И. Колосов, М. Чукеев

ВКП(б) нин 19-съездине

К. Дыйкамбаев, К. Кондучалов, А. Суйоркулов
Т. Кулатов, И. Раззаков, Ж. Тойгомбаев
И. Кочкорбаев, А. В. Сиренко, В. Н. Чуркин

КПССтин 20-съездине

О. Атабекова, Т. Кулатов, А. Сайбединов
А. Д. Богодухов, И. Раззаков, А. Темирова
К. Дыйкамбаев, А. Суйоркулов, В. Н. Чуркин
А. П. Запевягин, К. Султанов

КПССтин (кезексиз) 21-съездине

М. Абдыкулов, Н. Жумакадырова, И. Раззаков
Ж. Баймурзаев, К. Иманов, В. Ф. Степкин
К. Дыйкамбаев, Т. Кулатов, Е. П. Славский, К. Шопокова

КПССтин 22-съездине

Б. Аламанов, К. Каракеев, Г. Я. Соломко
Н. Н. Белокурова, Т. Кочубаев, Д. П. Сливенко
А. А. Бусс, Н. Г. Лященко, Н. Т. Солощенко
Т. Балтагулов, Н. Р. Миронов, А. Суйумбаев
Е. В. Власов, Б. Мамбетов, Т. Усубалиев
М. А. Гаврилов, В. И. Никитин, А. Усупова

К. Д. Дмитриев, С. Ногоева, К. Чыныбаев
В. И. Зибарева, Б. Примов, В. Н. Чуркин
Т. Исмаилов, Б. Рыспаев, К. Шопокова
Т. Кулатов, В. Садыков, С. Эшенова
К. Кулматов, К. Садыбакасов, А. Т. Юматова
К. Кондучалова, Р. Сартбаев

КПССтин 23-съездине

М. Абдувалиев, М. Ф. Ивапов, Т. Орозбеков
А. Амапкулов, Т. Кулатов, П. Т. Пименов
Ч. Айтматов, И. К. Капустин, А. Сүйумбаев
Р. Акрамова, Т. Кошоев, К. Ташиев
С. Ф. Антонов, К. Каракеев, Б. Турдубаева
Ю. П. Беляк, И. М. Мацуленко, С. Тешеев
А. И. Борисов, И. Маткурбанова, З. Танкыбаева
А. А. Бусс, Ж. Мусабеков, Т. Усубалиев
П. Е. Вакулов, К. Мукашева, А. П. Чубаров
Н. П. Гусев, Б. Маймирова, П. В. Чвертко
М. Жумадылова, Б. Мамбетов, В. И. Чудин
К. И. Ежикова, С. Наматбаев, Т. Юпусов
В. С. Зиганшина, Н. А. Осипенко

КПССтин 24-съездине

Ч. Айтматов, М. Капаров, Б. И. Стукалин
С. Ф. Антонов, Т. Кочубаев, М. Сыдыков
Ж. Асанкулов, П. И. Кравченко, К. Сулайманова
Ө. Атабекова, Н. В. Кузьмина, Г. А. Сухомлинов
К. Базарбаев, Т. Кулатов, А. Сүйумбаев
П. Е. Вакулов, К. Кулматов, А. В. Таскаев
П. А. Ганин, Ж. Курманбеков, М. Темирбаев
М. Жунусалиев, О. Макапов, Р. Тынаева
А. Дүйшеев, Ф. Т. Моргун, Б. Үкуева
Д. П. Зубков, К. Мукашева, Т. Усубалиев
С. Ибраимов, Ж. Мусабеков, Е. Ф. Чернышов
Я. П. Кабков, Б. Салиева, А. Т. Юматова, Б. Юсупова

КПССтин 25-съездине

Э. Абакиров, К. Каракеев, Ш. Санжаров
М. Абдувалиев, Т. Кошоев, И. В. Селюков
Ч. Айтматов, Т. Кулатов, З. Л. Серый
К. Акназаров, О. Мамбетакунов, К. Сулайманова
Н. Алымбеков, К. Молдобаев, А. Сүйумбаев
Ж. Асанкулов, К. Мукашева, В. С. Толстиков
И. А. Гришманов, И. П. Мельникова, А. Г. Трулева
А. А. Дергунова, Ю. Н. Пугачев, М. Н. Трушкина
А. Дүйшеев, А. Е. Рослова, У. Толкубаева
С. Ибраимов, А. Рысмендиев, Т. Усубалиев
Ю. А. Израэль, А. Савинтакунов, П. М. Ходос
К. Кадыров, К. Сагынбаева, В. Чемерисов, М. Эргашев

КПССтин 26-съездине

Э. Абакиров, Ю. А. Израэль, Э. Нуркалиева
К. Абдраев, М. Иманалиев, Т. Нурмамбетова
М. Абдыканимова, Б. Кембаева, С. Ормуков
Т. С. Айтбаев, Т. Кошоев, В. А. Полевик
Ч. Айтматов, И. Кулматов, Л. У. Садыкова
Т. Акматов, С. Кулматова, Г. Ф. Сидорова
К. Акназаров, Н. П. Ломов, М. Сыдыков
С. Ф. Антонов, В. А. Макаренко, М. Сыдыкова
Т. Ф. Атлашкина, К. Мамбеталиев, А. Танкыбаев
Т. С. Белоусова, А. Масалиев, Т. Усубалиев
О. В. Восторин, К. Молдобаев, К. В. Фомиченко
А. Дүйшеев, А. Нуржанов, П. М. Ходос, К. В. Хурнев

К. Каракеев, *В. М. Зима*

Ад.: Алтымышбаев А., Каракеев К., Зима В. М., В. И. Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии (1905—1923), Фр., 1967, 269 с.; Миртов В., Претворение ленинских идей в жизнь. Из опыта партийного строительства в Киргизии, Фр., 1971, 204 с.; Вопросы истории Коммунистической партии Киргизии, Фр., 1973; Коммунистическая партия Киргизии (1918—1973). Рост и регулирование состава, Фр., 1973, 300 с.; Кыргызстан Коммунисттик партиясы съезддердин, конференциялардын жана областтык комитети менен Борбордук Комитетинин пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, 1924—1936, Фр., 1959, 712 б.; Коммунистическая партия Киргизии в цифрах, Фр., 1976, 117 с.; Никишов П. П., Борьба большевиков за упрочение власти советов в Киргизии, Фр., 1976, 160 с.; Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери, Фр., 1969, 535 б.; Усубалиев Т., Ленинизм — элдердин достугунун жана бир туугандыгынын улуу булагы, Фр., 1975, 418 б.

ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТТЕРИ



Ош обл-ның Кара-Суу р-ндагы Фрунзе атн. колхоздо СССР Жог. Советине шайлоо.

Эл депутаттар советтери — мамл. бийликтин жалпы, тец ж-а тикe шайлоо укугунун негизинде жашырын добуш берүү жолу м-н шайлоо аркылуу түзүлгөн өкүлдүк органдары. Кыргыз ССРинин Конституциясынын 2-статьясында: «Кыргыз ССРинде бүткүл бийлик элге таандык. Эл мамлекеттик бийликти Кыргыз ССРинин саясий негизин түзгөн Эл депутаттарынын советтери аркылуу ишке ашырат. Мамлекеттик башка органдардын бардыгы Эл депутаттарынын советтеринин контролунда жана аларга отчёт берип турат».— деп айтылат. Кыргыз ССРинде Советтердин пайда болушу, чыңдалышы. өнүгүшү Компартия жетектеген жумушчу табы м-н бүткүл эмгекчилердин эзүүчүлөрдүн бийлигин кулатуу, пролетариат диктатурасын орнотуу, социализмди ж-а коммунизмди куруу үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшү м-н ажырагыс байланышта болгон.

Пролетариаттын коомдук-саясий күч катары тарыхый аренага чыгуусу соц. демокр. жаңы уюмдарды түзүү үчүн болгон кыймылдын пайда болушуна негиз салган. 1871-ж. Францияда жумушчу табынын рев-ячыл чыгармачылыгынын натыйжасында түзүлгөн Париж Коммунасы озунун жецилип калгандыгына карабастан, пролетариат диктатурасынын формаларынын бири, Совет бийлигинин алгачкы үлгүсү болгон. Коммунанын принциптери түбөлүктүү ж-а алардын жок кылынышы мүмкүн эмес, жумушчу табы бөштондукту жецип алмайынча бул принциптер үчүн күрөш токтолбой жүрө берет деген К. Маркс. Россиядагы 1905—07-жылдардагы рев-ярга чейин пролетариат диктатурасынын конкреттүү саясий формасы ж-догу маселени күч тартибинде реалдуу түрдө койгон окуя болгон эмес эле. Рев-ялык жогорулоо мезгилинде пролетариат диктатурасынын жаңы формасы катары Жумушчу депутаттарынын советтери, андан удаа Дыйкан ж-а солдат депутаттарынын советтеринин түзүлүшү уюмдаштыруу жагынан Париж Коммунасынын тажрыйбасын пайдаланууу м-н гана чектелбестен, оз онүгүшүндө андан озуп да кеткен. Ушуга байланыштуу В. И. Ленин мындай деп жазган: «...оңол убакыттын озунда эле социалисттер бул Советтердин уюштуруу менен дүйнолүк революциянын тарыхында кандайдыр бир улуу, жаңы жана болуп корбогон перее түзүлүп жаткандыгын түшүнүшкөн болучу» (Чыг., кырг. 1-бас., 26-т., 469 б.).

1905-ж. эле өзүн элдик бийликтин алгылыктуу формасы катары корсоткон Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттарынын советтери 1917-жылкы Февр. буржуазиялык-демокр. рев-ясынын натыйжасында падышачылык кулагандан кийин, бүткүл өлкө б-ча кайрадан түзүлө баштаган. Советтер Петроград, Москва ж-а Россиянын башка о. ж. борборлорунда, о. эле губерниялык, уездик шаарларда уюшулган; алардын бириктирүүчү борбору Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын Петрограддык совети болгон. Ошол эле мезгилде Советтер О. Азияда да алгачкы жолу түзүлө баштайт. Алсак, Жумушчу депутаттар совети 1917-ж. 2-мартта крайдын борбору Ташкенде түзүлүп, кийин Солдат депутаттар совети м-н бириккен. 6-мартта Кызыл-Кыя кен жумушчуларынын жалпы чогулушунда Жумушчу депутаттар совети түзүлөт; Советтер андан кийин Пишпек, Ош ж-а Сулуктунун кендеринде пайда болгон. Марттын аягы — апрелдин башында Советтер Токмокто, Пржевальскиде, Нарында иштей баштаган. Ушул эле мезгилде Ошто Мусулман жумушчу депутаттарынын совети түзүлүп, кийин ал Жумушчу, дыйкан ж-а солдат депутаттар советине кошулган. Рев-ячыл жогорулаштын шартында алар 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү, ондүрүшкө, продуктуларды болуштүрүүгө контролду ишке ашыруу, саясий күнөкөрлөрдү түрмолордон бошотуу сыяктуу демокр. кайра түзүүлөрдү жүргүзүшкөн. Советтерди пролетариат диктатурасынын мыкты формасы катары баалап, «Жумушчу, батрак, дыйкан, солдат депутаттарынын советтеринен жогору турган, андан мыкты типтеги окмоттү адам баласы түзө элек...»,— деп жазган В. И. Ленин (Чыг., кырг. 1-бас., 24-т., 22—23-б.).

Советтерде эсерлер м-н меньшевиктер көптүк кылып, Убактылуу окмоттун коштондусуна айлангандыктан большевиктер партиясы «Бүткүл бийлик Советтерге!» деген ураанды убактылуу алып таштаган. Ошол мезгилде Кыргызстандын Советтеринде да келишкиктер басымдуулук кылгандыктан бул ураанды убактылуу мындан да алыш таштоо керек болгон. 1917-ж. күзүндө рев-ялык жогорулатка байланыштуу Кыргызстандын Советтери большевиктештириле баштап, алар кецири эл массасынын колдоосуна ээ болгон рев-ячыл жаңы бийликтин формасына айланган.

Улуу Окт. соц. рев-ясынын жециши Совет бийлигинин жер-жерлерде орношуна негиз салган. Бирок Кыргызстандын ар кайсы райондорундагы таптык күчтөрдүн арымынын түрдүүчө болушу бийликтин жумушчу табы м-н кедей дыйкандардын колуна бир эле мезгилде отпогондүгүно алын келген. Совет бийлиги алды м-н жумушчу табы бар ж-а большевиктик топтор иштеп жерлерде орнотулган: 1917-ж. ноябрда Сулуктү м-н Кызыл-Кыяда, декабрда Жалал-Абадда, 1918-ж. январда Ошто, февралда Пишпекте, мартта Токмокто, апрелде Нарында, июнда Пржевальскиде орногон. 1918-ж. июндан Советтер Кыргызстандын бүткүл аймагындагы бийликтин бирден бир органдарына айланган. Алгачкы Советтердин ишмердүүлүгү эки багытта: башкаруунун жаңы аппараттарын түзүүнү уюштуруу ж-а жерг. чарбаны соц. башталмада жонго салуу б-ча жүргүзүлгөн. Натыйжада буржуазиялык бардык мекемелер жок кылынып, Советтер Совет окмотунун декреттерин турмушка ашырып, ири капиталисттер м-н феодалдардын мүлкүн конфискациялап, контррев-ячыл уюмдарды таркатышкан. Ө. ж-ды, банктарды, соода ишканаларын мамлекеттештирүү соц. экономиканын, ондүрүштүк жаңы мамилелердин негизин түзгөн.

Кулатылган таптар социализм курулушуна тоскоолдук кылуу үчүн бардык аракеттерди колдонушкан: ички ж-а тышкы контррев-я жаш Совет респ-касына граждандык согушту таңуулаган; кулактар м-н ак гвардиячылар 1918-ж. августта Таласта, декабрда Ак-Сууда, 1919-ж. июнда Түп кыштагында, 1920-ж. ноябрда Нарында козголоң чыгарышкан. Түштүк Кыргызстандын кончулук аймактарында басмачылар совет бийлигине каршы чыгып турган. Согуштук-саясий абал пролетариат диктатурасынын озгоче формасын — рев-ячыл комитеттерди түзүүнүн зарылдыгына алып келген. Булар оз ишин 1919-ж. 24-октябрда Бүткүл россиялык БАК ж-а Жумушчу-дыйкан коргоо совети тарабынан бекитилген «Революциячыл комитеттер жонүндө жобонун» негизинде жүргүзүшкөн. Ревкомдор, Советтер сыяктуу эле, пролетариат диктатурасынын органдары болуп, эмгекчилердин кызыкчылыгын коздошкон. Бирок Советтерден ж-а аткомдордон айырмаланып, алар партиялык, сов. жогорку органдар, аскер командованиелери тарабынан дайындалган. Кыргызстандын уездик, болуштук ж-а айылдык ревкомдору оздорүнө тиешелүү аймактардагы граждандык жогорку бийлик болуу м-н рев-ялык тартипти орнотуп, сов. курулушка эмгекчи массаны тартышкан. 1918—23-ж. Кыргызстанда ревкомдор иштеп турган мезгилде колониализмдин мурастары ж-а эзүүчү таптардын совет бийлигине каршы күрөшүнүн формасы болгон басмачылык жоюлган.

Советтердин базасында СССР элдеринин улуттук мамлекеттүүлүгү түзүлгөн. Кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн ж-а каракалпактар 1924-жылдын күзүнө чейин Түркстан АССРинин составына киришкен. О. Азия элдеринин каалоолорун эске алып, 1924-ж. 17-октябрда СССР БАКынын 2-сессиясы сов. соц. улуттук жаңы респ-каларды түзгөн. Ошондо Кара-Кыргыз АОсу түзүлүп, ал 1926-ж. 1-февралда Кыргыз Автономия Сов. Соц. Респ-касы болуп кайра уюшулган. Кыргызстандын аймагындагы бүткүл бийлик 1924-ж. октябрда Рев-ячыл убактылуу комитетке отүп, ал Советтердин 1925-ж. мартта откорулган кезектеги шайлоолорунан кийин бийликти Советтердин Уюмдаштыруу съездине откорүп берген. Съезд кыргыздын сов. улуттук мамлекеттүүлүгүн закондоштурүп, Советтердин обл. аткаруу комитетин шайлаган. Облаткомдун председателдигине Абдыкадыр Орозбеков шайланган. 1929-ж. 30-апрелде респ-калык Советтердин 2-съездинде кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясына ылайык бийликтин жогорку органы — Бүткүл кыргызстандык Советтердин съезди, ал эми съездер арасында Кыргыз АССРинин Борб. Аткаруу Комитети болгон.

Советтердин кезектеги съездеринин алдында Советтердин бардык звеноларын б-ча шайлоолор отүп, ар бир шайлоо кампаниясы массаны сов. курулушка кецири катыштыруу жолдорунун бирине айланган. Кыргызстандын социалдык-экон. шарты Советтердин 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башындагы ишмердүүлүгүнүн кээ бир озгочолукторун аныктады: Совет бийлиги орнору м-н эле башталган көчмөн райондорду советтештирүү процесстин аяктоо ото оор болуп, узакка созулду. Кыргызстандын чарбалары натуралдык ж-а жарым-жартылай натуралдык мүнөздө болгондуктан көчмөн калктын турмуш шартына ылайык убактылуу Жайлоо советтерин түзүү зарылдыгы туулган. Эл массасы тарабынан кецири колдоого алынган бул Советтер аркылуу партия соц. закондуулукту бекемдоо м-н гана чектелбестен, көчмөндөрдү отурукташтырууга ж-а айылдарды советтештирүүнү аяктоого да жетише алган. Чарб. ж-а маданий курулуш кецири жайылтылган. Совет бийлигинин майда улуттарды саясий, чарб. ж-а маданий курулуш тармактарында биргелешип иштоого тартуу б-ча жүргүзгөн иш-чаралары, алардын оз алдынча админ.-улуттук убактылуу бирдиктерге, айылдык советтерге, болуштуктарга, каптондорго болүштүрүлүшү бирин бирине жакындаштырып, итенин сезимдерин ойготуп, интернационалдык достукту чыңдоого жардам берген. Кыргыз элинин жалпы билим деңгээлинин жогорулашы мамлекетти башкарууга, чарб. ж-а маданий курулуштарга жетекчилик кылууга, улуттук адабиятты ж-а иск-вону түзүүгө жөндомдүү улуттук кадрлардын осуп чыгышы үчүн зор перспективаларды ачкан.

Респ-калык Советтердин бүткүл түзүүчүлүк ишмердиги соц. курулуштун милдеттери м-н аныкталган эле. 30-жылдарда айылдык советтердин көңүлүнүн борборунда айыл-кыштактарды кайра куруу, туташ коллективдештирүүнү ишжүзүнө ашыруу ж-а анын негизинде байлар м-н кулактарды тап катары жоюу. иштери турган. Кыргыз АССР Советтеринин 4-съезди (1935, янв.) кедей ж-а орто дыйкан чарбаларынын 65,5% колхоздорго бириктирилгендигин белгилеген. А. ч. өндүрүштүндө соц. сектор жетекчи абалды бекем ээлеп, анын үлүшүнө респ-канын айдоо аянттарынын 79,3% туура келген. Шаардык, посёлкалык советтер болсо о. ж-ды ж-а коммуналык чарбаны онуктүрүү, көркөндүрүү, жашылдандыруу ж-а граждандардын турмуш-тиричилигин жакшыртуу маселелерине көңүл бөлүшкөн. Соц. индустриялаштыруу мезгилинде шаардык советтердин ж-а алардын аткомдорунун жерг. о. ж-га жетекчилик кылуу б-ча укугу кецейтилген. Шаардык ж-а айылдык советтердин иш-аракеттери активдешкен.

Кыргыз АССР Советтеринин съездери

Съездер	Откорүлгөн дата	Делегаттардын саны	
		чечүүчү добуш м-н	кецешчи добуш м-н
Уюмдаштыруу	1925, 27—30-март	135	29
1	1927, 7—12-март	204	27
2	1929, 25—30-апр.	203	17
3	1931, 6—12-февр.	204	56
4	1935, 1—6-янв.	234	45
5	1936, 5—9-ноябрь	291	—

Өлкөдө социализмдин жецишн м-н түзүлгөн социалдык-экон. түп тамырынан берки озгөрүүлөр 1936-ж. 5-декабрда Советтердин Бүткүл союздук чукул чакырылган 8-съездинде кабыл алынган СССРдин Конституциясында чагылдырылды. Бул Конституциянын негизинде Кыргыз АССРи Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайрадан түзүлгөн. Союздук республика болуу м-н Кыргызстандын мамл. укуктук абалы кецейип, мамл. бүткүл аппаратгын иштери кайрадан курулган. Мамл. башкаруу органдарынын составында союздук-респ-калык эл комиссариаттары түзүлүп, алар-

дын чарб.-уюштуруу ж-а маданий-тарбиялык функциялары кеңейтилген. Респ-канын Советтери да андан ары өнүгүп, чыңалды. Мамл. бийликтин жогорку органы Кыргыз ССРинин Жогорку Совети болуп калды.

1937—39-ж. СССРдин, союздан ж-а автономия респ-калардын Жогорку Советтерине ж-а жерг. советтерге жалпы, тең ж-а тике жашыруун добуш берүү м-н откорулгон биринчи шайлоолор партия м-н элдин бузулгус биримдигинин айкын корунушу болгон. СССР Жогорку Советине болгон шайлоолорго (1937, 12-дек.) шайлоочулардын 98% катышып, алардын 99,4% коммунисттер м-н партияда жоктордун блогунун кандидаттары үчүн добуш беришкен. Өлкөнүн жогорку бийлик органына кыргыз элинин мыкты 30 өкүлү — 5 депутат Союздар Советине, 25 депутат Улуттар Советине шайланган. Жог. Советтин эки палаталык системасы калктын көп улуттуу составын чагылдырып, СССРдин конституциялык принциптеринен, биздин өлкөбүздө жашаган бардык элдердин улуттук кызыкчылыктарын урматтоодон келип чыккан. Кыргыз ССРинин мамл. бийлигинин жогорку органына болгон шайлоолор да (1938, 24-июнь) эмгекчилердин саясий ж-а эмгектик активдүүлүгүнүн жаңы жогорулашында өткөн. Добуш берүүгө шайлоочулардын 98,2% катышып, алардын 99,1% коммунисттер м-н партияда жоктордун блогунун кандидаттары үчүн добуш беришкен. Респ-канын Жогорку Советине 41 жумушчу, 93 колхозчу, элдик интеллигенциянын 150 өкүлү депутат болгон. Эл тарабынан шайлангандардын 182си коммунист эле. Биринчи сессияда (1938, июль) Жогорку Советтин Президиуму шайлапып, респ-канын өкмөтү — Эл Комиссарлар Совети түзүлгөн. Жогорку Советтин Президиумунун Председателдигине Асаналы Толубаев, Эл Комиссарлар Советинин Председателдигине Торобай Кулатов шайланган. Жерг. советтерге шайлоолор да саясий зор жогорулаштын шартында (1939, 24-дек.) өткөн. Добуш берүүгө шайлоочулардын 99,0% катышып, 283 депутат обл. советтерге, 1445 — райондук, 649 — шаардык, 184 — шаарлардагы райондук, 9975 — айылдык ж-а посёлкалык советтерге, бардыгы болуп 12 537 депутат шайланган.

СССР Конституциясынын (1936) негизинде 1937-ж. Кыргызстан Советтеринин чукул чакырылган 5-съездинде кабыл алынган Кыргыз ССР Конституциясы Жумушчу, дыйкан ж-а кызыл аскер депутаттар советтеринин совет коомунун идеялык-саясий биримдигин чагылдырып, респ-канын бут калкынын кызыкчылыгын коздоочу Эмгекчилер депутаттарынын советтеринде айлангандыгын бекемдеген. Кыргыз ССРинин Конституциясы Советтердин түзүлүү системасынын тартибин ж-а компетенциясын аныктап, респ-када мамл. бийликтин жогорку органы болуп Кыргыз ССРинин Жогорку Совети, жер-жерлерде — обл., шаардык, райондук, посёлкалык, айылдык советтер эсептелерин, жогорку аткаруучу, тескоочу органдар — респ-канын Эл Комиссарлар Совети м-н жер-жерлердеги аткаруучу ж-а башкаруучу органдар — аткомдор, башкаруунун тармактык органдары — аткомдордун болумдору болорун белгилеген. Советтердин бардык звенолору тикеден-тике эл тарабынан шайланган. Советтердин ишинин уюштуруу формалары да өзгөртүлгөн. Советтердин кезектеги шайлоолордон кийин гана чакырылуучу съездеринин ордуна Советтердин мезгил-мезгили м-н чакырыла турган сессиялары иштей баштагай. Советтердеги массалык иштердин секциялык формасы туруктуу комиссиялар м-н алмашылып, алардын депутаттардан турган мүчөлөрү Советтердин сессиясында бекитиле турган болгон. Эмгекчилер депутаттарынын советтери миңдеген эмгекчилерди чарбачылыктын ж-а маданияттын бардык тармагындагы түзүүчүлүк иштерге кеңири тарта баштаган.

1941-ж. гитлердик Германиянын Советтер Союзуна капысынан басып кириши м-н совет элинин тынчтык эмгеги үзгүлтүккө учуратылган. Улуу Ата Мек. согушун жылдарында Кыргызстандын Советтеринин депутаттарынын саны алардын фронтко кетүүсүнүн натыйжасында азайгандыгына карабастан, сов. түзүлүш согуш убагында душманга каршы сокку берүүгө бүткүл күчтөрдү мобилизациялоонун эң мыкты формасы болгон ж-а элдин Ата Мекендин мүдөөсүн мыкты коргоорун корсоткон, фашисттик Германияны согушта жеңгенден кийин да Кыргызстандын Советтери респ-канын эл чарбасын калыбына келтирүү, өнүктүрүү иштерине ийгиликтүү жетекчилик кылган. Кыргыз ССРинин Конституциясына ылайык Эмгекчилер депутаттарынын Жогорку ж-а жерг. советтеринде шайлоолор такай откорулуп, Советтердин сессиялары чакырылып, аларда респ-канын маанилүү чарб., социалдык-маданий турмушунун маселелери талкууланып, чечилип турган. Советтер эмгекчилердин тикеден тике уюмдары катары мамлекетти башкарууга эл массасынын активдүү катышуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылган. КПССтин 20-съезди сов. демократиянын өнүгүшүндө маанилүү роль ойноп, коммунисттик курулуштун жаңы милдеттерине ылайык совет коомунун ж-а мамл. түзүлүштүн мындан аркы өнүгүшүнүн жолдорун белгилеген.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин состави

Шайлоолор	Шайлоолор откорулгон дата	Депутаттардын саны				
		Бардыгы	анын ичинде			
			КПСС мүчөлөрү ж-а мүчөлүккө кандидаттар	жумушчулар	дыйкандар (колхозчулар)	интеллигенция
1	1938, 24-июнь	284	182	41	93	150
2	1947, 16-янв.	298	226	40	80	178
3	1951, 18-март	313	231	45	109	159
4	1955, 6-март	329	224	51	112	166
5	1959, 15-март	329	230	58	105	166
6	1963, 7-март	323	229	68	110	161
7	1967, 19-март	339	231	69	109	161
8	1971, 13-апр.	339	231	79	96	164
9	1975, 15-апр.	340	224	95	80	165
10	1980, 24-февр.	350	235	104	94	152

Советтерге көп улуттуу респ-кабыздын бардык таптарынан, социалдык топторунан ж-а катмарларынан өкүлдөр шайланат. Алардын арасында алдыңкы жумушчулар, колхозчулар, окумуштуулар ж-а эл чарбасынын адистери, искусствонун, адабияттын инимерлери, врачтар, мугалимдер, партиялык, сов., профсоюздук ж-а комсомолдук кызматкерлер бар. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин закон чыгаруу ж-а контролдоо иштери бир кыйла кеңейди. Бул үчүн СССР Жогорку Советинин партиянын 20-съездинин союздаш респ-каларды компетенцияларын кеңейтүү б-ча көрсөтмөлөрү чагылдырган 6-сессиясы кабыл алган закон актылары негиз болгон. Алсак, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин компетенциясына сот түзүлүшү б-ча закондорду чыгаруу, граждандык, граждандык-процесстик, уголовный, уголовный-процесстик ж. б. кодекстерди кабыл алуу укуктары берилген. Жогорку Совет закондор чыгарып, эл чарбасынын пландарын, мамл. бюджетти бекитет, мамл. бийликтин маанилүү ж. б. функцияларын орундатат. Респ-кадагы мамл. бийликти аткаруучу ж-а тескоочу органы болуп Кыргыз ССР Министрлер Совети эсептелет. Ал Кыргызстан Компартиясынын жетекчилигинде башкаруу органдарынын бүткүл системасына башчылык кылып, Эл депутаттарынын жерг. советтеринин аткомдорунун ишин жетектейт.

Советтердин иштерине Коммунисттик партия, коммунист депутаттар дайыма жетекчилик кылып турат. Советтердин бардык звенолорунун социалдык базасын жумушчу табынын, колхозчу дыйкандардын, эмгекчи-интеллигенциянын өкүлдөрү түзөт. Аялдар респ-канын саясий турмушунда маанилүү орунду ээлейт. Кыргызстандын обл., райондук, шаардык, айылдык, селолук ж-а посёлкалык советтери чарб. ж-а маданий курулуштарга жетекчилик кылып, профсоюз уюмдары м-н бирдикте ө. ж. ишканаларында, колхоз-совхоздордо соц. мелдештерди оркундотүү б-ча, эмгек өндүрүмдүүлүгүн дагы жогорулатуу б-ча иштерди жүргүзөт. Советтердин бул маселелерди чечүүгө эмгекчилерди кеңири тартуусунун маанилүү формасы — депутаттардын кончулук болгүн ж-а зор активди бириктирүүчү туруктуу комиссиялар. Советтердин жетекчилиги м-н эмгекчилердин контогон ыктыярдуу уюмдары иштейт. Алардын ичинде ото кеңири тараган дары — кочо, үй, квартал комитеттери, элдик ыктыярдуу коштуулар, жолдоштук соттор, маданий-агартуу, дарылоо мекемелери ж-а мамл. органдарга комоктошүүчү советтери. Закондуулук, башкаруу ж-а контролдоо маселелерин айкалыштыруу ж-догу лениндик идеяны ыраттуулук м-н ишке жүзүпө ашырып, Эл депутаттар советтери тикеден тике ж-а өздөрү түзгөн уюмдар аркылуу бүткүл мамл., чарб. ж-а социалдык-маданий курулуштарга жетекчиликти жүргүзөт, чечимдерди кабыл алып, алардын аткарылышын камсыз кылат.

Коммунисттик партия өнүккөн соц. коомдун бүткүл саясий системасынын, а. и. Советтердин да жетекчи ж-а багыттоочу күчү болуп эсептелет. Кийинки жылдарда партия Советтердин ролун көтөрүү, алардын контролдоо функцияларын ж-а укуктарын кеңейтүү б-ча бир катар ири-чараларды жүзөго ашырды. Алсак, КПСС БКнын 1967-ж. 9-мартта «Эмгекчилер депутаттарынын селолук жана посёлкалык советтеринин иштерин жакшыртуу жөнүндө», 1971-ж. 5-мартта «Эмгекчилер депутаттарынын райондук жана шаардык советтеринин иштерин мындан ары жакшыртуу жөнүндө», 1973-ж. СССР Жогорку Советинин «Жогорку Советтин, анын органдарынын, депутаттарынын ишмердигинин принциптерин, формаларын жана ыкмаларын кеңири демократташтыруу жөнүндө» токтомдору,

КЫРГЫЗСТАН ЛЕНИНДИК КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУ



Кыргызстан ЛКЖСке Эмгек Кызыл-Туу орденин тапшыруу. 1975.

Кыргызстан ЛКЖСи — Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун күчүрмөн отряддарынын бири. Жаштардын саясий, граждандык кулк-мүнөзүн калыптандыруунун максат кылган массалык өзүнчө коомдук уюм. Ал өзүнүн катарына алдыңкы жаштарды бириктирип, Коммунисттик партиянын жетекчилиги, м-н иш жүргүзөт ж-а анын активдүү жардамчысы, күчүрмөп резерви болуп саналат. ЛКЖС ар бир жаш адамдын коммунизмди куруучунун моралдык кодексинин принцибин сакташы, коммунизмдин материалдык-тех. базасын курууга активдүү катышуусу үчүн аракет кылат. ЛКЖСтин уюмдашуу түзүлүшүнүн башкы принцибі — демокр. централизм. Анын бардык иши өз мүчолорүнүн ж-а уюмдарынын активдүүлүгүнө, демилгелүүлүгүнө, чыгармачылыгына негизделет. Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу сыяктуу эле өз ишинде коллективдүү башкаруунун лениндик принцибин кыйшаюусуз сактоопун, комсомолдор арасында сынды ж-а өзүн өзү сыноону кеңири жайылтуунун негизинде жүргүзөт.

Кыргызстанда алгачкы комсомолдук ячейкалар 1919-ж. уюшула баштаган. Алар респ-канын бардык ири шаарларында, о. эле көмүр кендеринде пайда болгон. 1920-жылдын башында комсомол уюмдары Ак-Суу, Камышановка, Успенский, Привокзально-Вознесенский, Привокзально-Михайловский, Байтик-Павловский, Айтике ж. б. кыштактарда түзүлгөн. Комсомол уюмдарынын алгачкы жетекчилери: Н. Цапенко, Г. Подварков, Ш. Забиров, К. Баялиев, К. Нилов, У. Юнусов ж. б. Пишпек, Ош, Кызыл-Кыя, Токмок, Пржевальск, Жалал-Абад, Сүлүктүдөгү алгачкы чакан комсомол уюмдары бир нече жүз комсомолдон турган. 1924-ж. респ-канын комсомол уюмдары 5100 улап-кызды бириктирген. Граждандык согушка катышкандардын арасында комсомолдордон К. Тамбаев, В. Голубев, А. Прошенков, В. Мухин, П. Бовдуй ж. б. болгон. Комсомол согуш бүткөндөн кийин жаштарды эл чарбасын кайра калыбына келтирүү, Совет бийлигин чыңдоо үчүн партияга жардам берүүгө чакырган. Комсомол уюмдарынын ал жылдардагы иш-аракетинин негизги багыты элдин арасында агитациялык ж-а пропагандалык иштерди, сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөш жүргүзүү, жер-суу реформасын жүзөгө ашыруурга катышуу, жерг. улуттардын окуудоруп коомдук турмушка активдүү катышууга тартуу болгон.

1925-ж. Кыргызстанда В. И. Лениндин «Жаштар союздарынын милдеттери» аттуу эмгегинин кыргыз тилинде басылып чыгышы бытыранды комсомол ячейкаларын жаштардын бирдиктүү коммунисттик ыймылына баш коштурууда теориялык база болуп калды. 1924-ж. май айында РКСМ БКнын О. Азия бюросунун ж-а РКП(б)нин обл. уюштуруу бюросунун чечими м-н Россия Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун Кыргызстан обл. уюштуруу бюросу түзүлгөн, 1924-жылдын аягында обл. комсомол уюму толук калыптанып, күчүрмөн отряд катарында РЛКСМдин составына кирген. Респ-канын аймагындагы бардык комсомол уюмдарынын иделлык ж-а уюмдашуу биримдигин 1925-жылдын 25-май — 1-июнь аралыгында болуп өткөн Кыргызстан комсомолунун Уюмдаштыруу конф-ясы бекемдеди. Ошентип, бул жыл Кыргызстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу уюшулган жыл болуп калды. 1926-жылдын башында областтык комсомол уюмунун учётунда 9507 мүчөсү ж-а 197 мүчөлүккө кандидаты бар 305 ячейкасы болгон. Кыргызстан комсомолун өстүрүү ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөн жаштар жетекчилеринин арасында О. Алиев, Г. Крашенинников, В. Павлов, А. Зорин, А. Тагаев, С. Егимбаев ж. б. болгон. 1926-жылдан Кыргызстанда жаштардын «Ленинчил жаш» аттуу алгачкы газетасы чыга баштаган. 1926-ж. Кыргыз Автономия Сов. Соц. Респ-касы түзүлгөндүгүнө байланыштуу РЛКСМдин Кыргызстандагы Уюштуруу бюросу ВЛКСМдин Кыргызстан обкому болуп кайра уюшулган. Комсомол маданият үчүн, сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөштү улантып, мектеп ишин реформалоого катышкан. Айыл-кыштактарды соц. пункта кайра куруу иштерине катышуу Кыргызстандын бардык комсомол уюмдарынын негизги милдеттеринин бири болуп калган. 1929-жылдын жазында түшүм үчүн болгон комсомолдук жүрүш башталган. Комсомол кедей-кембагал жаштар массасын толук тартуу аркылуу айдоо аянттарын кеңейтүү үчүн күрөшкөн. Аялдар азаттыгы үчүн күрөшүү Кыргызстан комсомолунун тарыхындагы эң сонун учурлардын бири болгон. Кыргызстандын түштүгүндө аялдардын арасында биринчилерден болуп паранжысын алып салган Разбубү Халмурзаева, Орто Азияда алгач-



Кыргыз АОнун ЛКЖСинин 3-конференциясынын делегаттары. 1928.

кылардан болуп коммунисттик университетти — партиялык жогорку окуу жайды бүткөн кыргыз кызы Д. Исакова, Ноокат р-нундагы Меркут айыл советинин председатели У. Салиева, Алай р-нунда сабатсыздыкты жоюу мектебин уюштурган С. Мамытовалар реакциячыл карацгылыкка каршы активдүү күрөш жүргүзүшкөн.


Респ-канын комсомол уюмдары 30-жылдарда соц. мелдештип, стахановдук ыймылдын демилгечилеринен болушуп, жерг. улуттун улап-кыздарынан жаңы адистерди даярдоо б-ча иш жүргүзүшкөн. «Ондүрүшто иштейли!» — ал жылдардын комсомолунун урааны болгон. 1936-ж. Кызыл-Кыя ш-нын комсомолдору респ-калык соц. мелдештин демилгечиси болушкан. Кемин — Суусамыр, Рыбачье — Чолпон-Ата жолдору, Нарын — Жумгал ж-а Базар-Коргон каналдары, Сокулук р-нундагы суу сактагыч ж. б. курулуштар согушка чейинки жылдардагы комсомолдордун катышуусу м-н ишке ашырылган. 1937-ж. Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРи болуп түзүлгөндүгүнө байланыштуу Кыргыз обл. комсомол уюму Кыргызстан ЛКЖСи болуп кайра уюшулуп, анын катарында 32 672 мүчө болгон. Партиянын согуш алдындагы жылдардагы талабына ылайык, респ-канын комсомолу жерг. улуттан пролетардык интеллигенциянын даярдоочу мектепке айланган. Соц. Эмг. Баатыры, эл акыны Алалы Токомбаев, эл жазуучулары ж-а акындары Кубанычбек Маликов, Касымалы Жантошев, Касымалы Баялинов, СССР эл артисттери Абдылас Малдыбаев, Муратбек Рыскулов, Сайра Кийизбаева, Кыргыз ССР илимдер академиясынын академиги Бегимай Жамгырчинов, СССР эл суротчусу, Соц. Эмг. Баатыры Гапар Айтиев ж. б. 30-жылдардын комсомолдорунан болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстандын жаштарынын эң мыкты сапаттары — апын Ата Мекенге, партиянын иделларына чыныгы берилгендиги, социалпзмдин жеңип алгандарын бекем сактап калууга жоодомдүүлүгү айкындалды. Кыргызстан комсомолу 85 миңден ашуун улан-кызды Мекенди коргоого жөнөткөн. Кыргызстандыктардын 40 миңден ашуунун

Республиканын комсомолунун 3-съездинин делегаттары. 1932.



СССРдин орден ж-а медалдары м-н сыйланса, алардын көпчүлүгү жаштар болгон. Кыргызстан Ленин комсомолунун 25 тарбиялануучусуна Сов. Союз. Баатыры деген наам берилген. Кыргыз эли Дүйшөкүл Шопоковдун, Чолпонбай Түлөбердиевдин, Калыйнур Усонбековдун, Дайыр Асановдун, Розу Азимовдун, Анварбек Чортековдун, 2 жолку Сов. Союз. Баатыры Талгат Бегелдиновдун ж. б. ысымдары м-н сыймыктанат. Согуштун алк ченинде респ-канын о. ж-нда 1230 комсомолдук-жаштар бригадалары эмгектенишкен, алардын 340тан ашыгы фронттук-эпкиндүү коллективдер болушкан. 1942—45-жылдар ичинде мамл. эмгек резервдеринин тармагы тарабынан респ-када 14 миңден ашуун жаш жумушчу даярдалган. 1945-ж. респ-канын талаалаарында 1220, мал чарбасында 1342 комсомолдук-жаштар бригадасы ж-а звенолору эмгектенишкен. Респ-канын комсомолдору бардык ишканаларда ж-а курулуштарда эң мыкты саамалыктардын демилгечилеринен болуу м-н согуштан кийинки беш жылдыктардын планташырмаларын аткаруу ж-а ашыра аткаруу үчүн күрөшкөн. 1947-ж. кант кызылчадан, пахтадан мол түшүм алууга жумшалган кажыбас эмгектери үчүн респ-када биринчи жолу 12 комсомолго ж-а жаш колхозчуга СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы м-н Соц. Эмг. Баатыры деген наам ыйгарылган. Алардын арасында пахтакерлер Ишохан Исмаилова,



Кыргызстан ЛКЖС БКнын республиканын комсомолунун 40 жылдыгына арналган пленуму. 1965.

Сарахан Кочкорова, кызылчачылар Евдокия Базавлюк, Клавдия Рябко, Нина Полынцева ж. б. бар.

Дың жерлерди оздоштүрүү ж-до КПСС БКнын февр.— март (1954) пленумунун чечимдери белгилүү болор замат респ-канын комсомол уюмдарына жаштардан 3 миңден ашуун ариз түшкөн. 1954—55-ж. комсомолдук жолдомо м-н 2300 улап-кыз дың жерлерге ж-а олконун чыгыш ж-а түш.-чыгыш райондоруна жөнөтүлгөн. 915 жаш эптузиаст боордош Казакстанга жөнөгөн. Респ-кабыздын жаштарынын күчү м-н Караганды обл-ида «Кыргызстан» совхозу уюшулган. 50-жылдардын аягында респ-када «Ленин комсомолу жети жылдыкты коммунисттик эмгектин бригадалары болуу менен тосуп алалы» деген демилге кеңири колдоого алынган. Бул патриоттук демилгени биринчилерден болуп Фрунзе ш-нан Гүлжамал Фазиова («Октябрдын 40 жылдыгы» фабрикасы) м-н Мария Волкованын (ийрүү-токуу фабрикасы) комсомолдук жаштар бригадалары колдошкон. 1958-ж. бул ыймылга 60 комсомолдук-жаштар бригадасы кошулган. Коммунисттик эмгек үчүн болгон мелдеш м-н тыгыз байланышта жүргөн техникалык прогресс үчүн күрөш да массалык мүнөзгө ото баштаган. 1960-жылдын башында комсомолдордун ж-а жаштардын катышуусу м-н 157 наамдагы жаңы машиналар, механизмдер, 28 автоматтык линиялар ж-а конвейерлер түзүлүп оздоштүрүлгөн. 1961-ж. Үч-



Т. Усубалиев Жаш чабандардын бүткүл союздук слётунун катышуучулары менен. Фрунзе. 1972.

Коргон ГЭСи, Ош — Фрунзе жолу, Фрунзе ТЭЦи, Кыргызстан камвол-нооту ж-а Оштогу кебезден кездеме токуу комбинаттары комсомолдук эпкиндүү курулуштар деп жарыяланган. Жигердүү эмгеги үчүн Фрунзе — Ош жол курулушунун коллективи ВЛКСМ БКнын «Комсомолдун жети жылдыктагы иштеринин жыл баянына» катталуу укугуна ээ болду.

1962-ж. ВЛКСМдин 14-съезди Токтогул ГЭСин комсомолдук эпкиндүү курулуш деп жарыялады. Бул курулуштун коллективинде 40тан ашуун улуттун өкүлдөрү иштеди. Эмгектеги ири жетишкендиктери үчүн Кыргызстан ЛКЖС БКнын бюросунун 1966-жылдын 4-январындагы чечими 6-ча комсомолдун респ-калык Борбордук Комитетинин отмо Кызыл Туусу гидрокуруучулардын комсомол уюмуна түбөлүккө сактоого берилди. 1962-ж. респ-када «Комсомол прожекторунун» штабдары ж-а отряддары уюшулуп, бул саамалык продукциянын сапаттуулугу, техникалык прогресс, үнөм ж-а сарамжалдуулук үчүн күрөштүн жаңы баскычы болуп калды. Комсомолдун 14-съезди 1964—65-жылдарды комсомолдук маданияттын эки жылдыгы деп жарыялады. Комсомолдук саясий тармак формасы жагынан бир кыйла кеңири ж-а ийкемдүү жолго коюлду. Эгер 1966-ж. ал 44 500 адамды камтыса, 1970-ж. бул көрсөткүч 70 800гө жетти.

60—70-жылдарда Ленindик окууларды, теориялык конф-яларды өткөрүү, аскердик күжүрмөн даңктуу жайларга жаштардын жүрүштөрүн, рев-ялык даңктын, интернационалдык достуктун клубдарын уюштуруу иши практикага айланган. Ушул эле жылдарды «Олимпия жазы», «Спорттун 4 түрү боюнча пионердик




Фрунзе политехника техникумундагы Ленindик зачёт.

мелдеш», «Булгаары топ», «Күмүштөй жалтылдаган лыжа жолу» ж. б. массалык-спорттук оюндар кеңири кулач жайды. Тогузунчу 5 жылдыкта «Беш жылдыкка — жаштардын эпкиндүү эмгеги, чебердик жана пздөнүү» деген кыймылга 300 миң улан-кыз катышты. 3 миңге жакын комсомолдук-жаштар коллективдери «Өзүм жана отол жигит үчүн» деген девиздин алдында эмгектеништи. Фашисттик Германияны жеңүүнүн 30 жылдык юбилейине байланыштуу респ-канын 500 комсомолу Жеңиш Туусунун жанында турушуп сүрөткө түшүштү. Улуу Октябрдын 60 жылдыгынын урматына КПСС БКга берилген Ленин комсомолунун Рапортуна кол коюу укугуна 19 миң комсомол ж-а жаштар татыктуу болушту. Алардын 116сы легендарлуу «Аврора» крейсеринин жанында сүрөткө түшүштү. Тогузунчу 5 жылдыктын эпкиндүүлөрүнүн арасында М. Сабиров, Н. Лавская, Н. Оноприенко, М. Садыков, А. Бектурсунова, Р. Юсупов, А. Морозов, А. Токоев ж. б. көптөгөн жаштар бар. Респ-канын комсомолдору м-н жаштары тогузунчу 5 жылдыкта жалпы экон. натыйжасы 20 млн сомду түзгөн 20 миңден ашуун рационализатордук сунуштарды киргиришти. Соц. ж-а коммунисттик курулушка активдүү катышкандыгы, жаштарды тарбиялоодогу жемиштүү эмгеги үчүн ж-а түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына байланыштуу Кыргызстан ЛКЖСи 1975-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланды.

1976—80-ж. респ-када «Натыйжалуулуктун жана сапаттын беш жылдыгына — жаштардын эпкиндүүлүгү жана чыгармачылыгы» деген кыймыл кеңири жайылтылып, ага 650 миңден ашык улан-кыздар катышты. Жаштардагы эмгектик энтузиазмдын, саясий жетилгендиктин, ленинче жашоого, окууга ж-а эмгектенүүгө чын жүрөктөн умтулгандыктын жаңы көрүнүшү болуп В. И. Ленindин туулган күнүнүн 110 жылдыгынын урматына жайылтылган эпкиндүү эмгек вахтасы саналат. 16 миңден ашуун улан-кыздар, 500 комсомолдук-жаштар коллективдери 5 жылдыктын план-тапшырмаларын Улуу косомдун юбилейине карата аткарышты. Респ-канын комсомолдорунун «Продукциянын сапатына — комсомолдук гарантия!» аттуу демилгеси ж-а ростовдуктардын тажрыйбасына негизделген «Катарыбызда бир да артта калуучу болбосун!» деген кыймыл кеңири жайылган. Респ-када Сапат белгиси м-н чыгып жаткан продукциялардын дээрлик 700 түрүнө комсомолдор шефтик кылышат. Айрыкча капиталдык курулушту шефке алуу конкреттүү ж-а таасирдүү болууда. 106дан ашуун эң маанилүү эл чарба объектилери комсомолдук эпкиндүү курулуш деп жарыяланып, комсомолдук-жаштар бригадаларынын саны дээрлик 1,5 эсеге көбөйдү. 1980-жылдын өзүндө эле 5 миңден ашуун улан-кыз курулуш өндүрүшүнө жиберилди. Комсомол уюмдарынын тааспри транспорт, соода ж-а тейлөө тармактарында да улам жогорулоодо. Онунчу 5 жылдыктын ичинде соода ж-а турмуш тиричилик жактан тейлөө уюмдарына 8 миң улан-кыз комсомолдук жолдомолор м-н ишке жиберилди. Кыргызстандан жыл сайын 1200дөн ашуун жаштар комсомолдук жолдомолор м-н өлкөдөгү эң маанилүү курулуштарга жөнөтүлүүдө. Алардын ичинде Байкал-Амур магистралы, Ростсельмаш, КАМАЗ, Атоммаш, Оскол электр-металлургиялык комбинаты ж. б. бар. Республикада 4220 комсомолдук-жаштар коллективдери иштеп жатат.

А. ч. өндүрүштүндө 120 миңден ашуун улан-кыз эмгектенет. Эгин оруу-жыюуга жыл сайын айылдык 65 миңден ашуун жаш мээнеткечтер катышып, 2780 комсомолдук-жаштар коллективи уюшулган. Айыл чарбасында кыздардын 210 комсомолдук жаштар бригадасы (алардын 60ы механизаторлук) уюшулуп, ийгиликтүү иштеп жатышат. Респ-канын жаш малчылары 1,2 миллиондон ашуун койду багып, ал эми комсомолдук-жаштар бригадалары пахтанын жалпы түшүмүнүн 25%ин берүүдө. Респ-кадагы 30 миң га жүгөрү алтынын 13 миңи 249 комсомолдук-жаштар бригадаларына



Кыргызстан ЛКЖСтин 20-съездинин заседание залында. 1978.

бекитилип берилген. Респ-канын комсомол уюмдары кесипчилик-техникалык окуу жайларын шефке алууну да улам жакшы жолго коюуда. КПССтин 25-съездинен кийин 16 миңден ашуун улан-кыз комсомолдук жолдомо м-н кесипчилик-техникалык окуу жайларына жиберилген. Кесипчилик-техникалык окуу жайларынын окуучулары арасында «Бүгүн — окуунун отличниги, эртең — новатор, өндүрүштүн алдыңкысы, коммунисттик эмгектин ударниги!» деген кыймыл массалык көрүнүшкө айланууда. Студенттик жаштардын «КПССтин 25-съездинин чечимдерин турмушка ашыралы!» аттуу Бүткүл союздук агитжүрүш студенттердин коомдук-саясий активдүүлүгүн көтөрүүнүн таасирдүү формасына айланды. 1979-жылдын 3-эмгек семестринде респ-канын 22,5 миң адамдан түзүлгөн курулуш отряды 35,5 млн сомдук капиталдык салымды өздөштүрдү. 1981-ж. гана респ-канын студенттеринин 500 күжүрмөн курулуш отряды 810 миң сомдук капиталдык салымды жумшады. Жогорку класстардын 200 миңден ашуун окуучулары жайкы каникулда эл чарбасында эмгектенишип, о. эле жогорку класстардын эмгек отряддарынын составында 36 миң окуучу иштеген.

1980-ж. комсомолдук саясий окуунун 3119 ийримч м-н семинарында 115 миңден ашуун улан-кыз окушкан. 2 миңден ашуун лектор 155 лекторлук топко бириктирилген. Он миңдеген уландар ж-а кыздар өздөрүнүн жалпы билим деңгээлин жумушчу жаштар мектептеринде жогорулатышып, институттардын ж-а техникумдардын сырттан окуу бөлүмдөрүндө окушууда. Бүткүл союздук лениндик зачёт респ-канын комсомол уюмдарынын турмушунан бекем орун алды ж-а ага 500 миңден ашуун адам катышууда. «Коммунизмди үйрөнөбүз, коммунизмди курабыз» аттуу зачёттун катышуучуларынын өздүк комплекстүү пландары тарбия ишине комплекстүү маниле жасоонун формаларынын бири болуп калды. Комсомолдор м-н жаштардын совет элинин рев-ялык, аскердик ж-а эмгектик күжүрмөн даңктуу жайларга болгон Бүткүл союздук жүрүшүнө 500 миңден ашуун улан-кыздар катышты. 500 эстелик ж-а обелисктер, мемориалдык белгилер орнотулду. 1979-ж. Кыргызстан Ленин комсомолунун респ-калык музейи ачылды. Дээрлик 327 миң улан-кыздар ГТОнун значокторуна татыктуу болушту ж-а жыл сайын «Комсомольская правда» газетасынын байгесине 500 миңден ашуун комсомолдор ж-а жаштар катышат. Респ-канын жаштарынын чет элдик курбалдаштары м-н болгон байланыштары да кө-

Кыргызстан ЛКЖСтин мүчөлөрүнүн санынын өсүшү

Жылдар	Комсомолдордун саны
1925, янв.	5101
1930, янв.	18387
1940, янв.	87942
1945, янв.	59276
1960, янв.	140300
1979, янв.	448829
1981, янв.	517548

Кыргызстан ЛКЖСтин социалдык абалы б-ча составы (1981-ж. январга карата % м-н)

Комсомолдордун жалпы саны	100,0
а. и.:	
жумушчулар	28,9
колхозчулар	8,4
кызматчылар	14,5
окуучулар	47,6
жана башкалар	0,6

Кыргызстан ЛКЖСтин билими б-ча составы (1981-ж. январга карата % м-н)

Комсомолдордун жалпы саны	100,0
а. и.:	
жогорку ж-а толук эмес жогорку билимдүүлөр	9,9
орто билимдүүлөр	51,5
толук эмес орто билимдүүлөр	29,7
башталгыч билимдүүлөр	8,9

Баштапкы комсомол уюмдары:
1980-ж. 1-январга карата

Баштапкы комсомол уюмдарынын жалпы саны	5283
а. и.:	
ө. и., транспорт, байланыш ж-а курулуш ишканаларында	1015
колхоздордо	180
совхоздордо ж-а чарбалар аралык а. ч. мекемелеринде	278
соода ж-а коомдук тамак-аш ишканаларында	173
окуу жайларында	1512
илим-изилдөө мекемелеринде	70
башка мекеме, ишкана уюмдарда	2058

Кыргызстан ЛКЖСтин конференция-ларынын ж-а съезддеринин даталары

Конференция, съезд	Өткөрүлгөн датасы	Делегаттардын саны	Съезд, конф-я учурундагы комсомолдордун саны
1-конф-я	1925-ж. 25-май—1-июнь	102	8507
2-конф-я	1926-ж. 26—30-янв.	108	9587
3-конф-я	1928-ж. 5—10-март	—	13333
4-конф-я	1929-ж. 31-май—7-июнь	129	16315
5-конф-я	1930-ж. 5—8-ноябрь	—	23118
6-конф-я	1932-ж. 2—7-июнь	254	37786
7-конф-я	1936-ж. 15—21-февр.	320	90599
1-съезд	1937-ж. 10—20-окт.	320	32672
2-съезд	1939-ж. 7—12-февр.	375	66503
3-съезд	1940-ж. 27—30-сент.	330	96541
4-съезд	1946-ж. 26—28-ноябрь	315	58616
5-съезд	1948-ж. 20—22-июль	330	77046
6-съезд	1949-ж. 20—21-янв.	358	83172
7-съезд	1950-ж. 25—28-авг.	402	104822
8-съезд	1952-ж. 26—27-февр.	447	112071
9-съезд	1954-ж. 26—28-янв.	488	140771
10-съезд	1955-ж. 22—23-февр.	479	134552
11-съезд	1958-ж. 3—4-март	537	136218
12-съезд	1960-ж. 28—29-янв.	547	141635
13-съезд	1962-ж. 26—29-янв.	757	153566
14-съезд	1964-ж. 23—24-янв.	656	183793
15-съезд	1966-ж. 10—11-март	659	207287
16-съезд	1968-ж. 12—13-февр.	658	197243
17-съезд	1970-ж. 27—28-февр.	677	237008
18-съезд	1972-ж. 3—5-март	686	293565
19-съезд	1974-ж. 21—22-февр.	692	332246
20-съезд	1978-ж. 28-февр.—1-март	729	424356
21-съезд	1982-ж. 26—27-март	818	568000

цейүүдө. 70-жылдары Кыргызстанда Канада, Финляндия, Колумбия, Шри-Ланка, Япония, Жаңы Зеландия ж. б. мамлекеттердин прогрессчил жаштар союздарының өкүлдөрү болушту. Респ-канын жаштарының өкүлдөрү Демокр. жаштардын бүткүл дүйнөлүк федерациясынын Софияда өткөн 8-ассамблеясынын ишине, Москвада болуп өткөн Кыздардын бүткүл дүйнөлүк жолугушуусуна, Ленинградда өткөрүлгөн «Октябрь жана жаштар» аттуу Эл аралык конф-яга, Гаванада өткөн Жаштардын ж-а студенттердин бүткүл дүйнөлүк 11-фестивалына ж. б. катышышты. КПССтин 26-съездинен кийин Кыргызстандын 650 миңден ашуун улан-кыздары «11-беш жылдыкка — жаштардын эпкиндүү эмгеги, билими, демилгеси жана чыгармачылыгы» аттуу патриоттук кыймылга кошулушту.

Респ-канын комсомолунун 3 жаштар газетасы («Ленинчил жаш», «Комсомолец Киргизии», «Кыргызстан пионери»); 3 журналы («Литературный Киргизстан» «Жаш ленинчи», «Байчечекей») бар.

Кыргызстан ЛКЖС БКнын биринчи секретарлары: О. И. Алиев (1925—26), С. Кулматов (1926—28), У. Бектенов (1928—30), М. Долбаев (1930—31), О. Б. Жумаев (1931—34), Г. У. Банзон (1934—35), П. С. Королев (1935—36), К. Камбаров (1936—37), У. Бараканов (1937), П. Чойтемиров (1937—38), А. С. Бирюков (1938—40), М. Ниязалиев (1940—41), К. Сооронбаев (1941—42), Л. В. Андриенко (1942—44), Т. Тургунов (1944—45), М. Исаев (1945—48), С. Омурзаков (1948—50), С. Б. Борбиев (1950—51), М. Абдыкулов (1952—55), Г. Жаманкулова (1955—58), Б. Рысназ (1958—60), К. Н. Кулматов (1960—65), С. Наматбаев (1965—68), М. К. Канаров (1968—72), А. А. Рысмендиев (1972—78), Т. С. Айтбаев (1978—82), О. Абдыкалыков (1982-жылдан).

Ад.: Боевой путь ленинского комсомола Киргизии, Фр., 1967, 184 с.; Хамидходжаев А., Очерки истории комсомола Средней Азии, Таш., 1969, 218 с.; Табышалиев С., Боевой помощник партии, Фр., 1969, 54 с.; О деятельности ЦК ЛКСМ Киргизии по военно-патриотическому и физическому воспитанию молодежи, Фр., 1975, 85 с.; Комсомол Киргизии (1925—1977). Цифры и факты, Фр., 1978, 130 с.; Утверждение социалистических отношений в Киргизии и коммунистическое воспитание молодёжи, Фр., 1978, 156 с.

Т. С. Айтбаев

ПИОНЕР УЮМУ

1922-ж. 19-майда комсомолдун Бүткүл россиялык конф-ясы өлкөдө пионер отряддарын түзүү ж-до чечим кабыл алган. Көп узабай Кыргызстанда да пионер кыймылы пайда болгон. 1924-ж. Каракол кантонунун Жыргалаң кыштагында ж-а Пишпек ш-ның № 30 мектебинде Кыргызстандын жаш ленинчилеринин биринчи




Фрунзеде Пионерлер үйүнүн ж-а Лениндик бурчтун ачылышы. 1925.

отряддары түзүлүп, аларга А. Дыйканов, Р. Сарымсаковдор жетекчилик кылган. Пионер кыймылын алгачкы уюштуруучулардын арасында комсомолдор Г. Кондратюк, И. Малеев, П. Кузнецов, П. Зеленин, В. Есин, Х. Фазылова, М. Коновалов, П. Никитенко, Г. Худайбергенова болгон. Кара Кыргыз АОсунда 1924-жылдын аягында комсомолдун обл. комитетине караштуу жаш пионерлердин обл. ж-а Пишпек, Каракол-Нарын, Жалал-Абад, Ош округдук бюролору, о. эле Балдарга жардам берүү коому түзүлгөн. Пионер кыймылынын маселелери б-ча комсомол кызматкерлеринин Ташкен ш-нда өткөн о. азиялык кеңешмеси (1925) айыл-кыштактардагы пионер отряддарына жетекчилик кылуу б-ча рекомендация кабыл алып, кочмон отряддардын иши ж-до да маселелерди караган. Кыргызстан комсомолунун Уюмдаштыруу конф-ясы (1925) «Пионер отряддарын көбүнчө жаңы метод боюнча иштеген айылдык мектептерде түзүүгө дагы чечкиндүүлүк м-н кириштүү зарыл...» деп эсептеген. Бир жылдын ичинде областтын бардык райондорунда пионер отряддары түзүлгөн. Кыргыз автономия областынын пионер уюму 2297 баланы камтыса, ал эми 1929-ж. респ-кадагы 256 пионер отряддарында 10 195 пионер болгон. Пионерлердин респ-калык биринчи слётуна анын делегаттары калк арасында балдарды мектепке тартуу б-ча иштеген иштери, окуу-тарбия иштерин уюштырууда мугалимдерге берген жардамы ж-до рапорт беришкен. 1932-ж. Кыргызстан Компартиясынын обл. комитети «Пионер уюмунун иштери жөнүндө» чечим кабыл алган. Окуунун сапаты, эмгекке үйрөтүү ж-а мектепте ач-сезимдүү тартип үчүн күрөш учурдагы милдет болуп саналган.

ВЛКСМ БКнын Бүткүл союздук 7-конф-ясы м-н 2-пленумунун (1932) чечимдеринин негизинде түзүлгөн пионерлердин Кыргыз обл. бюросунун 1-пленуму «Ар бир пионер билим үчүн күрөштүн баштагычы болуш керек. Отряддарда окуу, аңгеме, саясий информациялар откорүлүп турулсун. Сборлорду откорүүнүн санаты жакшыртылсын»,— деген токтомду кабыл алган. 1933-ж. февралда респ-канын окуучулары м-н пионерлеринин кыргыз тилиндеги газетасы — «Кыргызстан пионеринин» биринчи саны чыккан. Пионерлердин түшүмдү коргоо тозоттору, машак терүү бригадалары респ-канын а. ч-сын коллективдештирүүгө чоң салым кошту. Соц. түзүлүш үчүн күрөштө «Социалчы» кыштагындагы пионер Кычан Жакыпов кулактардын колунан курман болгон. Буга жооп кылып он миңдеген бала жаш ленинчилердин катарына өткөн. 1932-ж. респ-када 18 миң пионер болсо, 1933-ж. алардын саны 40 мицге жеткен. Фрунзедеги пионер двореци, «Социалчы» кыштагындагы мектеп ж-а жаш ленинчилердин көптөгөн отряддары Кычан Жакыповдун ысмын алып жүрүшөт. Жаш ленинчилер аткычтар ж-а авиамодель ийримдерине катышып, спорттук ГТОнун белгиси үчүн нормалар тапшырышкан. Кант—Токмок т. ж-нун курулушунда болгон ишембиликке (1939) 700дөн ашуун мектеп окуучулары катышкан.

1941-ж. респ-када 172 139 пионерди бириктирген 5342 отряд болгон. Алар Улуу Ата Мек. согуш жылдарында чоңдор м-н катар эмгектеги каармандыкты көрсөтүшүп, колхоз талааларында иштешкен. Ош обл-ның пионерлери 524 т нахта терип откорүшкөн. Мектеп окуучулары фронт үчүн 547 миң сом акча жыйнап, 1 млн сомдук облигацияны тапшырышкан, фронтко, жоокерлерге 198 посылка, 2148 комплект жылуу кийим жөнөтүшкөн. 1941—45-жылдарда респ-канын жаштары оздорунун жекече жыйнаган акчаларынан 9 млндон ашуун сомду фронт фондусуна берген. Кыргызстанда 987 тимурчулар командасы иштеген. Пионерлер госпиталдарда дежурный болуп, фронтко кеткен жоокерлердин үй-бүлөсүү ж-до кам көрүшкөн. Ысык-Көл обл-ның тимур-



Кыргызстандын пионерлеринин алгачкы отряддарынын бири. 1927.

чулары 1944-ж. аскерге кеткендердин 250 үй-бүлөсүнүн огородун айдап, сээп ж-а багып берип, ондүрүштө иштегендердин балдарына көз болушкан.

Пионерлер согуш бүткөндөн кийин чарбаны калыбына келтирүү ишине жардам беришкен: көбү ж-а үй куштарын багышкан; макулатура, темир сыныктарын, дары чөптөрдү чогултушкан, бак-дарак, бадалдардын көчөтөрүн тигишкен. 1951-ж. пионерлердин «Жаш ленинчи» журналынын биринчи саны чыккан. Пионер дружиналарында интернационалдык достуктун клубдары (ИДК) м-н бурчтары түзүлгөн. 1979-ж. респ-канын мектептеринде 1307 ИДК иштеген. 1964-ж. Фрунзе ш-ндагы космонавтика клубун 28 парашютчу-разрядчы биринчи жолу бүтүрүп чыккан. Совет бийлигинин орношунун 50 жылдыгына карата Кыргызстандан совет элинин революциялык, аскердик ж-а эмгектик даңктуу жайларга болгон жүрүштөргө 35 миң адам катышкан; 3 миңден ашуун мурда белгисиз баатырлардын аттарынын аныкталып, кызыктуу документтер, реликвиялар чогултулуп, күкүрмөн даңктын 716 музейи ж-а бурчтары түзүлгөн. 1968-ж. Фрунзе ш-нда баатыр комсомолдор м-н пионерлердин ысмыйдагы дружиналардын респ-калык биринчи слёту болуп өткөн. Бул мезгилде Кыргызстандын пионер уюмдарынын 386 343 мүчөсү болгон. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына миң лениндик болмо ачылып, жол башчыбыздын ж-а анын шакирттеринин ишмердиги ж-а өмүрү ж-догу 527 коргозмо уюштурулган; Ленин жүргөн жерлерге жүздөгөн жүрүштөр уюштурулуп, ага 150 миңден ашуун пионерлер катышкан. 1970-ж. 18—19-майда Фрунзеде В. И. Лениндин туулган күнүнө 100 жыл толушуна арналган респ-калык 4-слётто пионерлер парады болуп, Кыргызстандын 29 мыкты дружинасына ВЛКСМ БКнын ж-а В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер уюмунун Борб. советинин эстелик ленталары м-н вымпелдери тапшырылган. Сыйланган-дардын арасында Фрунзе ш-ндагы № 15 орто мектептин Т. Бегелдинов атн. дружинасы, Токмок ш-ндагы № 12 орто мектептин З. Космодемьянская атн. дружинасы, Москва р-нундагы Петропавловский орто мектебинин П. Морозов атн. дружинасы болгон.

Республикалык слёттор

Жылы	Даңктуу даталар
1929	
1962	Бүткүл союздук пионер уюмунун 40 жылдыгы
1967	Октябрь рев-ясынын 50 жылдыгы
1970	В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы
1972	Пионер уюмунун 50 жылдыгы ж-а пионер уюмунун В. И. Лениндин ысмынан аталышына 50 жыл
1975	Совет элинин фаш. Германиясы үстөнүнө 30 жыл
1978	ВЛКСМдин 60 жылдыгы

В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер уюмунун 50 жылдыгынын урматына Кыргызстандын пионерлери пионер отряддарынын Бүткүл союздук «Дайым даяр!» маршына кошулган. Марштын максаты — жаш ленинчилерди коммунисттик идеялуулуктун, патриотизмдин, пролетардык интернационализмдин духунда тарбиялоо. Негизги маршруту — «Биринчи өлкөсүнө». 1978-жылдын маалыматы б-ча респ-канын 232 миң пионери «жакшы» жана «эң жакшы» деген бааларга окушкан. «Пионер курулушу», «Мекенге — миллион», «БАМга — пионердик рельстер» маршруттарынын жыйынтыгы б-ча Кыргызстандын пионер уюмунун 50 жылдыгында респ-канын мектеп окуучулары 71 миң т жашылча, 19 миң т жемиш, 12 380 миң т макулатура, 18 370 миң т темир сыныктарын чогултуп ташырышкан. Марштын жыйынтыгы б-ча 260 дружинага, 3086 отрядга оң флангага жүрүүчү наамы ыйгарылып, 8800 пионер В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер уюмунун Борб. советинин «Активдүү иши үчүн» көкүрөк белгиси м-н сыйланган. Респ-канын 55 миң пионери В. И. Ленин атн. Бүткүл



Пионер күнүн майрамдоо. Фрунзе. 1978, 19-май.

союздук пионер уюмунун КПССтин 25-съездине жиберилчү рапортуна кол коюу укугун алышкан. 1970-ж. баатыр пионер Кычан Жакыповдун эстелигин тургузууга каражат чогултуу үчүн «Кычан» операциясы башталган.


Улуу Окт. соц. рев-ясынын 60 жылдыгынын урматына Кыргызстандын жаш ленинчилери «Ленин жолу менен, Октябрь жолу менен барабыз» деген девиз астындагы бүткүл союздук маршка коңулган. Нарын обл-ның пионерлеринин демилгеси м-н «Мал чарбасына — пионердик камкордук» деген кыймыл пайда болгон. Ош обл-ның мектеп окуучулары жыл сайын 20 миң тдан ашык «ак алтын» терип, 19 миң т кесек тоют, 8 миң т жашылча-жемиш даярдашкан. 200 миңден ашуун балдар «Менин эмгегим менин республикамдын эмгегине кошулат» деген девиз м-н жайкы эмгек чейрегине катышкан. Мектеп окуучулары ВЛКСМдин 17—18-съезддеринин аралыгында «БАМга — пионердик поезд», «Миллион — Мекенге» маршруттары б-ча 42 миң т темир сыныктарын, 4 миң т макулатура, 4 т дары чөп чогултуп тапшырышкан, 18 миң түп коос бак-дарак ж-а бадалдардын көчөтөрүн отургузушкан. «Комсомол, биз сага ишеничтүү оруң басарбыз!» аттуу маршрутун (1978) жыйынтыгы б-ча 304 дружинага ж-а 3519 отрядга оң флангага жүрүүчү наамы ыйгарылган.

«Өлкөнүн бардык пионерлери Лениндин ишине берилгенби» деген девизди көйгөн марштын В. И. Лениндин туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган 1-этабында 358 дружина ж-а 3906 отряд, КПССтин 26-съездине арналган 2-этабында 361 дружина ж-а 4265 отряд, ВЛКСМдин 19-съездине арналган 3-этабында 399 дружина ж-а 4344 отряд оң флангага жүрүүчү деген жогорку наамды жеңип алган. 1982-ж. Кыргызстандын пионер уюмунда 465 465 пионер, 1546 дружина, 15 174 отряд болгон.

Б. Укуева

Ад.: Мы верная смена твоя, комсомол!, «Комсомолец Киргизии», 1978, 18 мая; Растить комсомольскую смену, Пленум республиканского совета пионерской организации «О задачах пионерских организаций, вытекающих из приветствия ЦК КПСС XVIII съезду комсомола, речи Генерального секретаря ЦК КПСС тов. Л. И. Брежнева, решения XVIII съезда ВЛКСМ», «Комсомолец Киргизии», 1978, 3 августа; Мы дети Ленина и партии верны, «Комсомолец Киргизии», 1979, 19 мая; Кондратюк Г. М., Красные галстуки Пишпека, «Комсомолец Киргизии», 1980, 17 мая.

ПРОФЕССИЯЛЫК СОЮЗДАР



Кыргыстан профсоюздарынын 13-съездинин Президиуму.

Кыргызстандын профессиялык союздары массалык коомдук уюм катары Улуу Окт. рев-ясынан кийин 1918—19-ж. калыптанган. Өндүрүштүк принципте уюшулган респ-калык биринчи профсоюздарга курулушчулардын, кара жумушчулардын, металлчылардын, басма сөз кызматчыларынын, транспортчулардын, теримбулгаарычылардын, тигүүчүлөрдүн, агартуу, почта ж-а телеграф, медицина-санитариялык эмгек, жер ж-а токой кызматчыларынын союздары кирген. 1920-жылдын башында Пишпек (3585 мүчөлүү), Нарын (428), Пржевальск (3205), Ош (2017) ж-а Жалал-Абад (1065) уезддеринин профсоюздары өз катарларына жалпысынан 10 300 адамды бириктирген. Профсоюздар пайда болгон мезгилинен тартып эле Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшүп, О. Азияда чет элдик интервенцияны ж-а ички контррев-яны талкалоого, бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүүгө активдүү катышкан.

1925-ж. 31-марттан 3-апрелге чейин Пишпекте жаңыдан гана уюшулган Кара-Кыргыз автономия областынын профсоюздарынын 1-Уюмдаштыруу съезди болуп өткөн. Съездге профсоюздардын 9243 мүчөсүнөн 109 делегат катышкан. Съезд Профессиялык союздардын Кара-Кыргыз обл. советин (Кыргызоблсовпроф) шайлаган. Анын составында 12 областтык бирикме, 4 округдук бөлүм, 91 баштанкы профсоюз уюм болгон.

1926-ж. ноябрда Кыргыз АССРинин профсоюздарынын 2-съезди болуп, анда соц. индустриялаштыруудагы милдеттер белгиленген. Съезд Кыргыз АССРинин түзүлгөнүнө байланыштуу профсоюздардын обл. советин респ-калык советке кайра түзүп, анын составына профсоюздардын 10 респ-калык, 31 кантондук комитети кирген. Кыргызстандын профсоюздарынын 1928-ж. 25-ноябрда ачылган 3-съездинде Кыргызстан профсоюздарынын ишинин жыйынтыктары ж-а респ-када индустриялаштыруунун алгачкы ийгиликтери талкууланган. Бул мезгилде респ-канын профсоюз мүчөлөрүнүн саны 27 044 адамга жеткен. Кыргызсовпроф 5 кантондук, 2 райондук профбюрону, 10 респ-калык ж-а 31 кантондук болумдү, 268 фабрикалык-заводдук жерг. комитетти бириктирип турган. Кыргызстандын профсоюздары респ-канын чарб. турмушуна активдүү катышып, ишканаларда өндүрүштүк кеңешмелердин иштерин уюштуруп, жумушчулардын ойлоп чыгаруучулугу м-н рационализаторчулугунун өнүгүшүнө, үнөмдөө режимин жүргүзүүгө, эмгек тартибин чыңдоого көмөктөшкөн. «Өндүрүшкө бет алалы!» деген ураан астында профсоюздардын бардык иши кайрадан түзүлгөн. Профсоюздар жумушчу табынын чыгармачыл демилгесинин өсүшүнө активдүү жардам берип, соц. милдетти, эпкиндүүчө иштөөнү жетектеген, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөш жүргүзүп, респ-канын эмгекчилерин маданий-тиричилик жактан тейлоо маселелерине көңүл бурушкан.

Кыргызстандын профсоюздары а. ч-сын коллективдештирүү мезгилинде жыйырма беш миңчилерди тапшырууга, аларды дайыма иштоо үчүн айыл-кыштактарга жөнөтүүгө катышкан, о. ж. ишканаларындагы жумушчулардын кыштакты шефке алуусун жайылтып, а. ч. ж-а токой жумушчулар союзунун ишин жандандырган. Респ-канын профсоюздары партиялык уюмдардын жетекчилиги м-н өндүрүштүн алдыңкыларынын стахановдук кыймылына башчылык кылган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында милдеттин жаңы формалары—көп станокту тейлоо ж-а бир нече профессияга ээ болуу, эң жакшы сапат үчүн, сырьёну, электр энергиясын үнөмдөө, техника ресурстарын толук пайдалануу кыймылы, көмүр казууда циклдик методду жайылтуу ж. б. пайда болуп, ишке киргизиле баштаган. Профсоюздар бригада, цех ж-а ишканалар арасында, о. эле респ-лардын, областтардын коллективдеринин арасында мелдештин уюштуруучулары болушкан.

Кыргызстандын профессиялык союздарынын съездери

Съездер	Өткөрүлгөн мезгили	Съезд мезгилинде профсоюз мүчөлөрүнүн саны
1-съезд	1925-ж. март	9 262
2-съезд	1926-ж. ноябрь	16 990
3-съезд	1928-ж. ноябрь	27 044
4-съезд	1930-ж. июнь	37 498
5-съезд	1932-ж. февр.	55 995
6-съезд	1958-ж. июнь	287 121
7-съезд	1960-ж. апр.	358 841
8-съезд	1962-ж. апр.	431 005
9-съезд	1963-ж. апр.	481 440
10-съезд	1965-ж. окт.	598 813
11-съезд	1968-ж. янв.	716 331
12-съезд	1972-ж. янв.	850 000
13-съезд	1977-ж. янв.	1 023 772
14-съезд	1982-ж. февр.	1 300 000



Кыргызстандын профсоюздарынын республикалык 3-съездинин катышуучулары. 1928.

1940-жылдын алгында Кыргызстандын о. ж. ишканаларынын бардык жумушчулары соц. милдетке тартылган. 1938—41-жылдарда Кыргызстандын жумушчулары м-н инженердик-техникалык кызматчылары өндүрүштү техникалык жактан жакшыртууга багытталган 3 миңден ашуун рационализатордук сунуштарды киргизген.

Профсоюздар эмгекчилердин материалдык ж-а маданий керектөөлөрүн канааттандыруу б-ча кам көргөн. Социалдык камсыздандыруунун, эмгекти коргоо маселелери м-н техникалык коопсуздукту, эмгек закондорун сактоо б-ча контролду, коомдук тамак-ашты, турак жай курулушун жакшыртууга, о. эле эмгекчилердин бош убактыларын маданияттуу өткөрүүсүнө көп көңүл бурулган. Профсоюздар социалдык камсыздоо үчүн 2-беш жылдыкта 6,6 млн сомдук каражат жумшаган. Ал эми бир эле 1940-ж. үчүн 7,3 млн сом сарптаган. Эгер 1937-ж. социалдык-маданий чарбаларга 155,4 млн сом жумшалса, 1940-ж. ал чыгым 232,4 млн сомго жеткен. Кыргызстандын профсоюздарынын карамагында 1940-ж. 87 клубдук мекеме, 59 киноустановка ж-а 44 китепкана болгон.

Соц. курулуштун зор кулач жайышы Сов. Союзунун улуттук респ-каларындагы жумушчу табынын сан жагынан дүркүрөп өсүшү м-н коштолгон. Кыргызстандын профсоюздары өзүнүн өсүшүнүн бардык этаптарында жумушчу табы м-н интеллигенциянын кадрларын даярдоого ж-а тарбиялоого түздөн түз катышкан. Профсоюздар өз катарларына 1936-ж. 1932-жылга салыштырганда 1,5 эсе көп — 93 миң адамды, 1937-ж. 103 миң, 1940-ж. 115 миң адамды бириктирген.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Кыргызстандын профсоюздары өзүнүн бардык иш-аракетин фронттун кызыкчылыгына ж-а душманды талкалоо милдетине ылайыкташтырган. Алар ишканалар м-н мекемелерди согуштук кырдаалга карай кайра түзүүгө, респ-кабызга эвакуацияланып келген о. ж. ишканаларын жайгаштырууга, согуш учурунда өндүрүшкө жаңы келгендерден, айрыкча аялдар м-н жаштардан массалык түрдө жумушчу кадрларды даярдоого катышкан. Кыргызстандын профсоюздары фронтко керектүү продукцияларды чыгарууну көбөйтүү максатында 1942-ж. пайда болгон бүткүл союздук соц. милдетти, жалпыга милдеттүү окууну уюштырууга активдүү катышып, жоокерлерге белек ж-а жылуу кийимдерди даярдоону, танк колонналарын ж-а авиациялык эскадрильяларды түзүүгө каражат чогултууну өткөрүшкөн. Профсоюздун активдүү катышуусу м-н «Советтик Кыргызстан», «Кыргызстан колхозчусу», «Кыргызстан комсомолу», «Элдик мугалим», «Искусство кызматчысы», «Кыргызстан шахтёру», «Кыргызстан осоавиахими», «Кино жумушчусу», «Шекерчи» («Сахарник») ж. б. танк колонналары, о. эле «Күпостүү Кыргызстан» ж-а «Кыргызстандын өнөр жай кооперациясы» деген авиаэскадрильялар түзүлгөн.

Улуу Ата Мек. согуш жеңиш м-н аяктагандан кийин Кыргызстандын профсоюздары 4-(1946—50) жана 5-(1951—55) беш жылдык пландарды аткарууга массаны мобилизациялап, жумушчулар м-н кызматчылардын материалдык ж-а маданий турмуш деңгээлин андан ары жогорулатуу үчүн камкордукту күчөткөн. Профсоюз кыймылынын осушуно ВЦСПСтин 19-пленумунун (1948, авг.) респ-ка, край ж-а областтарда профессиялык союздардын советтеринин түзүү ж-догу чечими зор роль ойногон. 1948-ж. 15-ноябрда Фрунзеде Кыргыз ССР профсоюздарынын союздар аралык конф-ясы болуп өткөн. Бул мезгилде респ-када респ-калык 24, башталгыч ж-а орто мектеп кызматчыларынын бир борб. комитети, фабрикалык-заводдук ж-а жерг. 2793 комитет иштеп, алардын катарында 156 886 адам болгон.

1958-ж. июнда Кыргызстан профсоюздарынын 6-съезди (согуштан кийинки 1-съезд) өткөн. Бул мезгилде катарында 287 122 мүчө болгон. Согуштан кийинки жылдарда респ-канын эмгекчилеринин арасында соц. мелдешти жайылтууда профсоюздардын ролу өстү. Профсоюздардын демилгеси ж-а көмөк көрсөтүүсү м-н мелдештин көп формалары — эмгек өндүрүмдүүлүгүн которуу үчүн жекече план түзүү, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү ж. б. кыймылдар пайда болгон. 1958-жылы окт. айында өлкөбүздө «Москва-Сортировочный» депосунун жумушчуларынын демилгеси м-н пайда болгон эмгекке коммунисттик мамиле жасоо кыймылынын респ-када жайылышына жетекчилик кылуу б-ча Кыргызстандын профсоюздары көптөгөн иш жүргүзгөн. 1960-жылдын башында респ-када коммунисттик эмгектин бригадасы деген наам үчүн болгон күрөшкө 1288 коллектив катышып, бул наамды алардын 149у жеңип алган. 6600дөн ашуун эмгекчи коммунисттик эмгектин ударниги деген наам үчүн мелдешке чыккан. 1979-ж. Кыргызстандын 992 миң эмгекчиси соц. мелдешке катышып, 558 миңче киши эмгекке коммунисттик мамиле жасоо үчүн болгон мелдешке кошулган.

Респ-канын профсоюз уюмдары эмгекчилерди өндүрүштүк башкарууга катыштыруунун таасирдүү формасы болгон дайыма аракеттеги өндүрүштүк кеңешменин (ДАӨК) ишин жакшыртууга активдүү кийлигишкен келе жатат. Ал эми 1960-ж. респ-канын профсоюздары тарабынан уюшулган 334 жалпы заводдук ж-а 229 цехтик, 1961-ж. сентябрга карай 401 жалпы заводдук, 232 цехтик ДАӨКтор иштеп, аларга 25 миңден ашуун киши катышкан, өндүрүштү жакшыртуу ж-а эмгекти уюштыруу б-ча 13 миңден ашуун сунуштар киргизилген. 1979-ж. ДАӨКтун ишине катышкан 56 229 кишинин 35 662си респ-канын жумушчулары болгон. Рационализаторлор м-н ойлоп чыгаруучулардын респ-калык коомунун мүчөлөрүнөн 1978-ж. гана 25 287 сунуш түшкөн. Ал сунуштарды колдонуудан түшкөн үнөмдүн суммасы 62 814 миң сомду түзгөн. 1972-ж. январда Кыргызстан профсоюздарынын 12-съезди өткөн. Бул мезгилде алар тармактык профсоюздардын 5833 баштанкы уюмун, 250 бириккен, топтук ж-а шаардык комитеттерин, респ-калык 18 ж-а обл. 14 комитетин, о. эле профсоюздардын обл. 3 советин бириктирген. Профсоюз мүчөлөрүнүн саны 1972-ж. 850 миңге жеткен.


1983-ж. Кыргызстандын профсоюздарында 1 417 967 мүчөнү камтыган 7986 баштанкы уюму, профсоюздардын обл. 4 совети, тармактык профсоюздардын респ-калык 20 комитети болгон. 1964-ж. март айынан баштап Кыргызсовпрофтун карамагындагы дайыма иштеп баштаган профсоюздар курсу проф. кадрларды даярдоодо зор маанине ээ болду. Респ-канын профсоюздук уюмдарынын жетектөөчү жогорку туруктуу органы Кыргызстан профессиялык союздарынын совети (Кыргызсовпроф) болуп саналат. Кыргызсовпрофтун — өндүрүштүк жумуш ж-а эмгек акы, турак жай ж-а турмуш тиричилик, социалдык камсыздандыруу, маданий-массалык ж-а дене тарбия, эмгекти коргоо, уюштыруу-массалык, финансы, капиталдык курулуш, эл аралык болумдору бар. Кыргызсовпрофтун алдында профсоюздардын курорттору башкаруу, илимий-техникалык

Профсоюздардын республикалык комитеттери

	Түзүлгөн убагы	Мүчөлөрүнүн саны
Автомобиль, трактор ж-а а. ч. машиналарын куруучу жумушчулар комитети	1977	19 235
Автотранспорт ж-а шоссе жолдорунун жумушчулар комитети	1945	60 579
Геологиялык чалгындоо жумушунун жумушчулар комитети	1966	11 909
Мамл. соода ж-а керек-жарак кооперациясынын жумушчулар комитети	1926	86 423
Мамл. мекемелердин кызматчылар комитети	1931	53 364
Маданият кызматкерлер комитети	1953	28 286
Токой, кагаз ж-а жыгач иштетүү ө. ж-ның жумушчулар комитети	1972	8 652
Машина куруу ж-а прибор курууч жумушчулардын комитети	1966	10 533
Медицина кызматкерлеринин комитети	1936	81 865
Жерг. өнөр жай ж-а коммуналык-тиричилик ишканаларынын жумушчулар комитети	1944	67 789
Тамак-аш. ө. ж-ның жумушчулар комитети	1934	35 398
Агартуу, илимий мекемелердин, жогорку мектептердин кызматкерлеринин комитети	1957	140 019
Байланыш кызматкерлеринин комитети	1968	19 029
А. ч. жумушчуларынын комитети	1954	477 168
Курулуш ж-а ө. ж. курулуш материалдарынын жумушчулар комитети	1957	72 893
Текстиль ж-а жеңил ө. ж. жумушчуларынын комитети	1957	57 161
Комур ө. ж. жумушчуларынын профсоюздарынын аймактык комитети	1966	16 733
Электр станция ж-а электр-техника ө. ж. жумушчуларынын комитети	1967	4 333
Авиакызматчылардын комитети	1967	—
Мөмө-жемиш чарбасынын кызматкеринин комитети	1981	52 844

коом, туризм м-н экскурсия б-ча ж-а бүткүл союздук рационализаторлор м-н ойлоп чыгаруучулардын, «Алга» м-н «Спартак» спорт коомдорунун респ-калык советтери иштейт. Кыргызстандын профсоюздары респканын мамл. жана чарб. курулушуна, өндүрүш, эмгек, турмуш тиричилик ж-а маданият маселелери б-ча закондорду иштеп чыгууга активдүү катышып, ал закондордун сөзсүз аткарылышы үчүн күрөшөт.

Профсоюздар эмгекти коргоо ж-а респ-канын ишканалары м-н мекемелеринде техникалык коопсуздукту сактоонун абалына контролдук кылып турат. Бул максаттар үчүн Кыргызстанда 1975-ж. 11 831 миң сом, 1979-ж. 17 млндон ашык сом жумшалган. Респ-канын профсоюздары социалдык камсыздандырууну башкарып, жумушчулар м-н кызматчыларга убактылуу эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо төлөнүүчү пособиени белгилөөнү ж-а берүүнү жөнгө салат; эмгекчилердин ден соолугун коргоо ж-а медициналык жардамды уюштурууну жакшыртууга көмөктөшөт; санаторийлерди, эс алуу үйлөрүн, балдар бакчаларын м-н яслилерди курат. Мисалы, Кыргызстанда социалдык камсыздандырууга жумшалган каражат 1975-ж. 84,5 млн сомду, 1980-ж. 147 700 миң сомду түзгөн. Кыргызстандын профсоюздарынын карамагында бир мезгилде 2 миңче эмгекчи эс алуучу 5 санаторий, 2200 орундуу 4 эс алуу үйү бар. Бардыгы болуп респ-калык профсоюздардын санаторийлеринде ж-а эс алуу үйлөрүндө бир жылдын ичинде арзандатылган путёвка м-н орточо эсептегенде 60 миң жумушчу ж-а кызматчы эс алып, дарыланат. Алардан башка 20 санаторий-профилакторийде жыл сайын мамл. социалдык камсыздандыруунун эсебинен



Кыргызстан профсоюздарынын 10-съезди. 1965.

12 миң киши өндүрүштөн кол үзбөй саламаттыгын чыңдайт. Ишканалардын, курулуштардын ж-а совхоздордун профсоюздук уюмдарынын ден соолукту чыңдоочу 100дөн ашуун пансионаты бар, анда арзандатылган путёвка м-н 150 миң киши эс алат. Камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен профсоюздун ден соолукту чыңдоочу 84 пионер лагеринде жайкы каникул мезгилинде жыл сайын жумушчулар м-н кызматчылардын 70 миңден ашуун балдары эс алышат.


Профбюджеттен жумушчулар м-н кызматчылардын ж-а алардын балдарынын арасында жүргүзүлүүчү маданий-массалык, саясий-тарбиялык ж-а дене тарбия-спорт иштери үчүн жумшалуучу каражат жылдан жылга өсүүдө. Профсоюздар маданий-агартуу мекемелеринин кеңири тармагына ээ. Алардын ичинде 1979-ж. 245 клуб ж-а маданият двореци, ишканалар м-н мекемелердеги 2 миңден ашуун кызыл бурч, 2 млнго жакын китеп фондулуу 182 туруктуу китепкана бар. Профсоюздардын массалык өздүк көркөм чыгармачылыгына 1978-ж. 70 миңден ашуун жумушчу м-н кызматчы катышкан. Кыргызстандын профсоюздары дене тарбия м-н спорттун массалык болушуна көп көңүл бурат. Профсоюздардын карамагында 3 ыктыярдуу спорт коому («Алга», «Буревестник», «Спартак») бар. Алардын карамагында 9 стадион, 66 спорт залы, 8 бассейн, 386 баскетбол ж-а волейбол аянтчасы, 35 футбол таалаасы, 6 лыжа базасы, 17 спорттук атуу тири бар. Кыргызстандын профсоюздары эмгекчилерди интернационалдык духта, сов. патриоттукка, элдердин достугунун сезиминде тарбиялайт. Согуштан кийинки жылдарда Кыргызстанга 50дөй чет өлкөнүн эмгекчилеринен өкүлдөр келип кеткен. Ал эми Кыргызстандын профсоюздары да дүйнөнүн башка өлкөлөрүнө өз өкүлдөрүн дайыма жиберип турат.

Кыргызстандын профсоюздар советинин председателдери: М. Догдуров (1948—58), Б. Аламанов (1958—62), Т. Балтагулов (1962—66), Б. Салиева (1966—74), Э. Абакиров (1974-жылдан).

Х. Мусин

Ад.: Мусин Х., Абакиров Э., Профсоюзы Советского Киргизстана, Фр., 1975, 114 с.; Абакиров Э., Деятельность профсоюзов Киргизии в условиях совершенствования развития социалистического общества и постепенного перехода к коммунизму, Фр., 1976, 48 с.

ЭЛ ЧАРБАСЫ



Соцкол жайытында.

Түшүм жыйноо. Сокулук р-ну.

Кыргыз ССРинин эл чарбасы СССРдеги башка союздаш респ-калардын экономикасындай эле тез өсүп, сапаты өзгөрүлүп, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө маанилүү роль ойнойт. Респ-ка

Реп-каның бир күнү (көрсөткүчтөр бир жыл ичиндеги календардын күндүн саны б-ча эсептелди)

	1940	1965	1970	1975	1979
Орто эсеп м-н бир сутка-да өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын эң маанилүү түрлөрү:					
электр энергиясы, млн *кет·с*	0,14	6,33	9,69	11,98	21,29
электр лампалары, миң даана	—	—	307	886	963
чоп таңгактагычтар, даана	—	19	43	77	88
курама темир-бетон конструкциялары ж-а тетиктер, миң $м^3$	—	0,9	1,5	2,1	2,2
курулуш кирпичи, млн даана	0,2	1,2	1,5	1,6	1,6
байпак, миң жуп	0,9	23,6	20,4	32,4	36,2
трикотаж ич кийим, миң даана	0,3	22,8	28,2	32,3	34,0
трикотаж тыш кийим, миң даана	0,2	6,4	14,8	17,7	15,4
булгаары бут кийим, миң жуп	0,5	12,0	26,4	26,8	27,6
күмүшкер, т	179	476	542	564	749
эт (I-категориядагы субпродуктуну кошкондо)	46	187	216	306	298
консерва, миң шарттуу банка	20	164	218	359	378
Темир жол транспорту м-н ташылган жүк, миң т	5,4	14,1	17,2	20,7	23,2
Жалпы пайдаланылуучу автомобиль транспорту м-н ташылган жүк, миң т	0,2	85,3	129,9	194,3	231,8
жүргүнчү, миң адам	8,0	705,9	969,6	1188,6	1308,2
Аба транспорту м-н ташылганы:					
жүргүнчү, миң адам	0,3	1,5	2,5	3,8	3,8
почта, т	0,1	6,5	8,5	9,6	10,8
Пайдалануугa берилген турак үйлөрдүн жалпы (пайдалуу) аянты, миң $м^2$	0,7	2,8	3,6	2,5	2,7
Мамл. ж-а кооперация соодасында чекене товар жүгүртүү, миң сом	256	2387	3785	5432	6703

чейин падышалык Россиянын артта калган чет-жакасынын бири — Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүү деңгээли эң төмөн эле. Анда капитализмге чейинки коомдук-экон. мамилелер үстөмдүк кылып, ал метрополиянын ө. ж. өнүккөн райондорунун агрардык-сырьёлук бир бурчуна айланган. Рев-ядан чейинки Кыргызстандын экономикасынын негизги тармагы — а. ч. эң жөнөкөй, өтө купарсыз келип, артта калган. А. ч. өндүрүшүнүн негизин оторлошкон мал чарбасы түзүп, мал жыл бою жайытта багылгандыктан, анын абалы аба ырайынын шартына байланышып, чачкын, майда дыйкан чарбалары өндүрүмсүз келгендиктен өнүгө баштаган дыйканчылык өтө төмөнкү деңгээлде болгон. Жаңыдан түзүлө баштаган ө. ж.— комүр казып алуу, жөнөкөй (кустардык) майда ишканалар, кол өнөрчүлүк бир беткей өнүгүп, алардын арымы а. ч. сырьёсун аден белендөө ж-а айрым кен байлыктарын казып алуу м-н чектелген. Ө. ж. үлүшүнө жалпы коомдук продуктунун 5%ине жакыны туура келип, анда эмгекке жарактуу калктын 0,3%тейи гана иштеген.

Октябрь рев-ясынын жеңиши кыска мөөнөттө социалдык-экон. өнүгүү жагынан абдан чукул өзгөрүш жасоого шарт түздү. Граждасогуштан кийин Кыргызстандын эмгекчилери эл чарбасын калыбына келтирүүгө активдүү киришишти. 1924-ж. респ-канын ө. ж. 1913-жылкы деңгээлге салыштырганда продукциянын 69%ин берген; 53% дан, 56% эт (союлгандагы салмак м-н), 62% сүт, 87% жүн камдаган. Биринчи 5 жылдыктын башында рев-я алдындагы мезгилге салыштырганда Кыргызстандын ө. ж. продукциясынын көлөмү 95%ке жеткен. Көп улуттуу соц. мамлекеттин шартында аймак б-ча иландаштыруунун өзгөчө мааниси бар эле. Натый-

жада бүт өлкөнүн, айрыкча мурда ото артта калган чет-жакалардагы улуттардын эл чарбасынын тез өнүгүшүнө, аларда алдыңкы о. ж. менен а. ч-ны түзүүгө мүмкүн болду. Союздаш респ-калар, а. и. Кыргызстан да өлкөнүн башка экон. райондору сыяктуу эле пландуу өнүгүп, эл чарбасында эмгекти аймак б-ча болуштуруудо продукциянын тарыхый шартка ылайык үлөмдүү ж-а кирешелүү түрлөрүн чыгаруучу тармактарга адистештирилет. Ошентип, Совет бийлигинин жылдарында СССР элдеринин ар тараптуу жардамынын ж-а коомдук өндүрүштү пландуу уюштуруунун натыйжасында Кыргыз ССРинде түстүү металлургия м-н ири энергетиканы, көп тармактуу машина курууну, жеңил ж-а тамак-аш о. ж-н, кой чарбасын (а. и. уяң жүндүү кой), пахтачылыкты, кызылча-кант өндүрүшүн ж. б-ны кучагына алган өнүккөн эл чарбасы пайда болду.

Кыргыз ССРинин экон. өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү жалпы өлкө б-ча алганда коомдук дүң продуктунун өсүшү өсүштүндө турат. Респ-када о. ж. өндүрүшү а. ч-нан, оор индустрия жеңил о. ж-нан тез, иштеп чыгаруу о. ж. тоо-кен о. ж. тармагынан ургаал өнүгүүдө. Мис., 1965—80-ж. дүң продукт бүткүл өлкө б-ча 2,3 эсе өссө, Кыргыз ССРи б-ча 2,6 эсе көбөйгөн. Эгерде 1913—81-ж. өлкөдө о. ж. продукциясы 157 эсе, а. ч-ныкы 3,5 эсе өскөн болсо, респ-када үшул эле көрсөткүчтөр 379 ж-а 7,1 эсе көбөйгөн. Буга лениндик улут саясатын жүзөгө ашыруунун, табигый байлыктарды эл чарбасында кеңири пайдаланууну ж-а эмгекти туура уюштыруунун натыйжасында жетишилди. Соц. курулуштун бардык этабында о. ж. жог. темпте өнүктү. 1958-ж. коомдук дүң продуктунун ичинен анын үлүшү 50%ке жеткен. Улуттук кирешенин жарымынан көбүн о. ж. берет.

1980-ж. респ-када эл чарба продукциясынын 65%тейин о. ж. м-н курулуш үлүшүнө туура келген. Өндүрүштүн 100дөн ашуун тармагы жеткиликтүү өнүгүп, экономикасы өз ара байланыштуу татаал комплексти түзөт.

Эл чарбасынын бардык маанилүү тармактарынын жогорку темпте өнүгүшү, көптөгөн жаңы өндүрүш тармактарынын пайда болушу, техникалык прогресстин негизинде о. ж-дын өркүндөшү ж-а татаал технологиялык процесстерди өздөштүрүү, экономиканын комплекстүү өнүгүшү соц. а. ч-нын ар тараптан өнүгүшүнө түрткү берди. Респ-канын а. ч-сы коомдук өндүрүштүн жогорку механикалаштырылган тармагына айланды. 1979-жылдын аягында а. ч-да энергияны пайдалануу колхоздор б-ча 345,7, совхоздор б-ча 433,4 млн *квт·с* болду. Респ-канын а. ч-сы уяң ж-а чала уяң жүн алууга, пахта, жыттуу сары тамеки, кант кызылчасын өстүрүүгө адистештирилген. Социализмди куруу процессинде респ-када темир жол, автомобиль, аба, суу ж-а түтүк транспорту бардык жагынан өнүктү. Кыргызстандын тоолуу татаал шартында респ-канын ичинде жүк ташуу негизинен автомобиль транспортуна таандык. Анын үлүшүнө респ-када ташылган жүктүн 97%тен ашыгы туура келет (1981).

Кыргыз ССРинин экономикасынын өнүгүшү эмгекти аймак б-ча натыйжалуу бөлүштүрүү системасын түзүүгө ж-а СССРдеги боордош башка респ-калар м-н чарб. жактан рационалдуу карым-катнашына тыгыз байланыштуу. Эл чарбасынын тармактык түзүлүшүнүн, айрыкча о. ж-дын өзгөрүшүнө жараша респ-калар аралык экон. байланыштын түрү да өзгөрдү. 1979-ж. респ-када чыгарылган продукциянын 30%тен ашыгы башка респ-каларга жиберилген. Ошону менен бирге, Кыргызстан өзүнүн эл чарбасынын текши (бир кылка) өнүгүшүнө зарыл керектүү продукциянын 40%ин өлкөнүн башка союздаш респ-калары м-н экон. райондорунан алып турат. РСФСР, Казакстан, О. Азия респ-калары м-н Кыргызстан тыгыз байланышта. Жалпы жүк ташуунун $^{9}/_{10}$ алардын үлүшүнө туура келет. Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө Украина, Белоруссия ж. б. респ-калар м-н чарб. байланыштын мааниси чоң.

К. Оторбаев

ЭЛ ЧАРБАСЫН БАШКАРУУ ЖАНА ПЛАНДОО

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз ССРинин мамл. жог. башкаруу органдары респ-канын ичинде аймактык башкаруу органдарын түзүү, эл чарба планы м-н бюджетин иштеп чыгуу, алардын аткарылышын контролдоо, респ-канын бардык эл чарба тармактарына карапттуу ишканалар м-н үюмдарды башкаруу, о. эле союздук-респ-калык ж-а жерг. о. ж. м-н курулуштун жетектөө, союзга караштуу ишканалардын абалына ж-а башкарылышына көз салуу ж-а контролдоо иштерин жүргүзөт. Алар о. эле турак жай м-н коммуналык чарбага, жол курулушуна, транспорт м-н байланышка, респ-калык маданий-агартуу, элге билим берүү, илимий ж-а спорт үюмдарына, калкты турмуш тиричилик жактоого жетекчилик кылат. Респ-канын бардык эл чарба тармагын Кыргыз ССР Мин. Совети башкарат. Респ-канын башкаруу ж-а пландоо системасын өркүндөтүү коомдук өндүрүштү ар тараптан үргаал өнүктүрүүгө, анын натыйжалуулугун ж-а бардык чарб. иштин сапатын жогорулатууга багытталган.

Коммунисттик курулуштун азыркы этабында Эл депутаттар советтери ж-а анын органдары аркылуу, о. эле өндүрүштү башкарууга тартуу жолу м-н эмгекчилерди эл чарбасын башкарууга катыштыруу айрыкча өнүктү. Өндүрүштү башкарууга эмгекчилерди тартуунун маанилүү формалары дайыма өткөрүлүүчү өндүрүштүк кеңешмелер, ишканалардын, мекемелердин ж-а үюмдардын коллективдеринин жалпы чогулушу, о. эле эмгекчилердин соц. мелдешке активдүү катышуусу болуп саналат. Коомдун экон., социалдык ж-а илимий-техникалык өнүгүшүн объективдүү пландаштыруу мүмкүнчүлүгү — социализмдин эң негизги жеңиштеринин бири. Пландуу уюштурулган экономиканы түзүүнү В. И. Ленин соц. коомду куруунун зарыл шарты деп эсептеген. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өндүрүш м-н болуштүрүүнү иретке салууну, о. эле өлкөдө эл чарбасын башкаруу м-н пландаштыруунун Эл чарба жог. совети жүзөгө ашырган. Респ-када эл чарбасын башкаруу б-ча биринчи официалдуу орган Пишпек уездинин Эл чарба жог. совети 1918-ж. июлда уюшулган. Уездге Кыргызстандын түндүгүндөгү Чүй ороонунун аймагы кирген. О. эле респ-канын аймагында Токмок, Пржевальск, Нарын, Ош ж-а Жалал-Абад эл чарба советтери иштеген. Ал мезгилде план мамлекеттештирилген о. ж-дын айрым тармактары ж-а транспорт б-ча, продукция болуштүрүү б-ча, кедей-дыйкандарга ж-а орто дыйкан чарбасына жардам көрсөтүү б-ча гана түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин экономикасы, Сов. Союзунун башка боордош респ-каларынын экономикасындай эле, мамл. эл чарба планы б-ча аныкталып, багыт берилет. Респ-канын эл чарбасы бирдиктүү эл чарба комплексинин составдык бөлүгү болуп, өзүнүн өнүгүшүндө бүт өлкөнүн экон., илимий ж-а техникалык потенциалына таянат. Кыргызстандын эл чарбасын пландаштыруу иши соц. улуттук мамлекеттин өнүгүшү ж-а чыңдалышы м-н бирге өркүндөп келе жатат. 1924-ж. Кыргыз автономия области үюшулгандыгына байланыштуу обл. пландоо комитети түзүлгөн. 1926-ж. Кыргыз АССРи түзүлгөндөн кийин анын экономикасын пландаштырууну Кыргыз АССРинин мамл. пландоо комиссиясы жүргүзгөн, ал эми 1936-ж. Кыргыз АССРи союздук респ-кага айлангандан Кыргыз ССРинин мамл. пландоо комитети анын жог. пландоо органы болуп калды. Мамл. пландоо комитетинин негизги милдети СССРдин эл чарба планына, КПСС БКнын Директиваларына, Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин көрсөтмөлөрүнө, СССР Мин. Совети м-н Кыргыз ССР Мин. Советинин чечимдерине ж-а СССР мамл. пландоо комитетинин көрсөтмөлөрүнө ылайык респ-канын экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн мамл. планын иштеп чыгуу болуп саналат. Ал планда калктын турмуш деңгээлин кыйшаюусуз жогорулатуу максатында коомдук өндүрүштү үзгүлтүксүз, пропорциялаш өнүктүрүү, анын натыйжалуулугун арттыруу, эмгекти бүткүл союз б-ча болуштүрүүдө респ-канын экономикасын адистештирүү камсыз кылынат.

Пландоо органдары социализмдин экон. закондорунда, илим м-н техниканын жетишкендиктерине ж-а алардын өнүгүү келечегине, коммунисттик курулуштун экон. ж-а социалдык проблемаларын илимий изилдөөнүн жыйынтыктарына, коомдук керектөөлөрдү ар тараптан изилдөөгө, тармактык ж-а аймактык пландаштырууну туура айкалыштырууга негизделген оптималдуу, перспективалуу ж-а учурдун мамл. пландарын түзөт. Кыргыз ССР пландоо комитети министерстволор м-н ведомстволордун, респ-канын ИАсынын, Эл депутаттарынын жерг. советтеринин аткомдорунун, СССР министерстволору м-н ведомстволорунун аларга караштуу чарбаларды өнүктүрүү ж-догу сунуштарынын негизинде Кыргыз ССРинин эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык перспективалуу пландарын ж-а жылдык пландарын, о. эле респ-калык ишкана, үюм ж-а мекемелердин пландарынын долбоорун түзөт. Ал министерстволордун, ведомстволордун ж-а Эл депутаттарынын жерг. советтеринин аткомдорунун пландоо органдарынын пландаштыруу ишине методикалык жактан жетекчилик кылат. Респ-канын эл чарбасына экон.-математикалык методдорду, эсептөө техникасын, автоматташтырылган системада пландоону, башкаруу ж-а иштелүү информацияны колдонуу б-ча иштерди пландаштырат ж-а координациялайт. Эл аралык илимий-техникалык байланышты ишке жүзүнө ашырат, патент-лицензия ж. б. иштерин жетектөө милдетин аткарат.

Респ-канын мамл. пландоо комитети иштеп чыккан эл чарбасын өнүктүрүү пландарында жерг. табигый ж-а экон. шарт эске алынып, өндүрүш тармактарынын андан ары өсүшү, тармак ара байланыштыорк үдөтүү, коомдук өндүрүш структурасын жакшыртуу, өндүрүш кубаттуулуктарын, негизги фонддорду, табигый ж-а материал ресурстарды толук ж-а туура пайдалануу, өндүрүштү адистештирүүгө ж-а кооперациялаштырууга ылайык өндүрүчү күчтөрдү туура жайгаштыруу, алдыңкы техника м-н технологияны өндүрүшкө киргизүү каралат. Пландарды иштеп чыгууда Кыргыз ССР ИАнын ж-а ил. из. институттардын сунуштары эске алынат. Эл чарба тармактарынын пландары өз ара тыгыз байланышта болуп, респ-канын экономикасы м-н маданиятын өнүктүрүүнүн мамл. планынын бир бөлүгүн түзүп, директива катары колдонулат. Кыргыз ССР Жог. Совети бекиткенден кийин ал күчүнө кирип, сөзсүз аткарылат. Кыргыз ССР мамл. пландоо комитетинин карамагында Экономика ж-а экономика-математика методдору м-н пландаштыруу ил. из. институту, Кыргыз респ-калык илимий-техникалык информация ж-а пропаганда ин-ту, о. эле Эсептөө борбору бар.

Мамл. пландоо комитети пландын аткаруучуларга жеткирилишин, анын аткарылышын контролдоп, аны талдап турат. Пландоо системасына экономика-математикалык моделдештирүү ж-а системалап талдоо методдорун киргизүүдөн, жаңы электрон эсептегич техниканы кеңири колдонуудан улам пландардын илимий негиздүүлүгү жогорулоодо. Башкаруу м-н пландаштыруу иштерин өркүндөтүү жетекчи кадрларды даярдоо ж-а кайра даярдоо системасын мындан ары да жакшыртууга, эл чарбасынын бардык тармагында эмгек ж-а мамл. тартипти чыңдоого, чарб. мамиледе соц. закондуулукту бекем сактоого тыгыз байланыштуу. Респ-канын экономикасын башкаруу органдары өзүнүн ишташрыйбасында КПССтин илимий негиздеги экон. саясатын кыйшаюусуз жетекчиликке алат. КПСС БК м-н Совет өкмөтүнүн пландаштыруунун жакшыртуу, чарб. механизмди улам өркүндөтүү, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, иштин сапатын арттыруу үчүн анын таасирин күчөтүү ж-догу токтомунан кийин башкаруунун ж-а чарба жүргүзүүнү өркүндөтүүнүн жаңы этабы башталды.

С. Бегалиев

ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНДОШТУРУУ

Соц. эл чарбасынын ыкчам өсүшү өлкөнүн экон. райондорго болуштүрүүгө, өндүргүч күчтөрдү туура жайгаштыруга ж-а СССРдин ар кайсы райондорунун экономикасынын шайкеш өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. СССРдин аймагы 19 экон. районго болүнүп, ар бири кубаттуу эл чарба комплексин түзөт ж-а эмгекти бүткүл союзда аймак б-ча болуштүрүүдө белгилүү өндүрүштүк милдетти аткарат. Экон. райондор м-н катар аймак б-ча пландаштырууда союздаш респ-калар анын маанилүү объектиси болот. Алар экон. жактан өз алдынча эл чарба комплекси катары СССРдин бирдиктүү эл чарба комплекси м-н бирге өз өндүргүч күчтөрүн өнүктүрөт. Өндүрүш потенциалы күч алган сайын ар бир респ-канын ичинде экон. райондор — аймакташ-өндүрүш комплекстери пайда болот.

Кыргыз ССРинин эл чарбасы социализмдин экон. закондоруна ылайык ж-а респ-канын табигый, экон. шарттын ар тарапган эсепке алуу м-н өнүгүүдө. Эмгекти жалпы союзда аймак б-ча болуштүрүүдө респ-ка түсүү металлургия, машина куруу, электр энергетиканы өркүндөтүүгө ж-а арбын продукция чыгарууга, уяң ж-а чала уяң жүндүү кой чарбасын, пахта, кызылча, тамеки ж. б. өстүрүүгө адистештирилген. Кыргыз ССРинде калыптанып калган аймакташ-өндүрүш комплекстерин өнүктүрүүдө ж-а жаңыларын түзүүдө экон. райондорго болуштүрүүнүн илимий ж-а практикалык зор мааниси бар.

Кыргызстанды экон. райондорго болуштүрүүдө өндүрүштү адистештирүү багыты калыптанган, жаңы ж-а келечектүү региондордун комплекстүү өнүгүшү, эл чарбасынын тармактары м-н аймактык структурасынын пайда болуу өзгөчөлүктөрү, өндүрүш фонддору, респ-ка ичинде белгилүү бир таксономиядагы аймакташ-өндүрүш комплекстерин түзүү шарты ж-а мүмкүнчүлүктөрү, райондо өндүрүштүн негизги өзөгүн түзгөн келечектүү ири о. ж. түйүндөрүнүн болушу, транспорт-экон. шартынын ыңгайлуулугу, калктын улуттук өзгөчөлүгү, калыптанган админ.-аймактык болүнүштөр ж-а аларды өзгөртүү мүмкүнчүлүктөрү ж. б. эске алынат.

Респ-канын экон. райондору өсүш деңгээлине жараша экон. райончолорго болүнөт. Ар бир экон. райончо өзүнчө адистештирилип, кошумча ж-а тейлоочу тармактары м-н бирге респ-канын бирдиктүү эл чарба комплексин түзөт.

Респ-ка эки экон. районго болүнөт: Түп. Кыргызстан (Чүй ороонундагы респ-кага караштуу райондор, Ысык-Көл, Талас, Нарын обл.), Түш. Кыргызстан (Ош обл.). Бул райондор чарбачылыкта өз алдынча өндүрүш милдетин аткарат. Экон. райондор аймакташ-өндүрүш комплекстерине болүнөт.

Түндүк Кыргызстан төрт экон. райончого (Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас) болүнөт.

Чүй экономикалык райончосунун экономикасы абдан өнүккөн. Мында калыптанып калган Фрунзе ири о. ж. түйүнү м-н бирге Кара-Балта, Токмок, Чыгыш Чүй о. ж. түйүндөрү пайда болду. Чүй экон. райончосунун бардык о. ж. түйүндөрүндө ири, орто ж-а чакан ишканалар жайгашкан. Райончонун а. ч-ныи не-

гизин кызылча ж-а мал чарбасы түзөт. Фрунзе ш-ның айланасы озунчо зонага бөлүнөт. Жашылча, картошка, жер-жемиш, сүт ж. б. продукцияларды камдоо жылдан жылга көбөйүп, кызылча аянты азаюуда. Сугатка жараксыз тоо этектери м-н каптал жерлерде мөмө-жемиш ж-а жүзүм өстүрүү арбууда. Сүт, эт, жумуртка камдоо көбөйүп, чарбанын бардык тармагы ургаал өнүгүүдө.

Ысык-Көл экономикалык райончосу — Ысык-Көл обл-ның аймагында. Мында союздук маанидеги ири курорттор түзүлүүдө. Келечекте тоо-кен о. ж., электр-техникалык машина куруу, а. ч. сырьёсун белендоочу ишканалар өнүгөт. Ысык-Көлдүн өндургүч күчтөрүн өнүктүрүүдө калай ж-а полиметалл рудалуу Чыгыш Ысык-Көл тоо-кен о. ж. түйүнү чоң мааниге ээ. А. ч-сын андан ары адистештирүү ж-а ургаал өнүктүрүү курорт зонасын ж-а Ысык-Көл — Чүй аймакташ-өндүрүш комплексин түзүүгө байланыштуу.

Нарын ж-а Талас экономикалык райончолорунун табигый-экон. шарты негизинен мал чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Ө. ж. негизинен гидроэнергетика, а. ч. продуктусун ж-а курулуш материалдарын даярдоочу ишканалардан турат. Бул эки экон. райончодо Түн. Кыргызстандын о. ж-нын дүң продукциясындагы үлүшү анча чоң болбосо да, ал жыл сайын уламдан улам көбөйүүдө. Нарын экон. райончосунда тоо-кен о. ж-ның келечеги кең. Мында таш көмүр, нефелиндүү сиенит, нордмаркит ж-а туздун ири кендери бар. Гидроэнергетика ресурстарына бай. Кочкор, Жумгал р-ндорунда тоо-кен о. ж. комплекси түзүлүшү мүмкүн. Райончонун а. ч-сы кой чарбасына адистештирилген. Ө. ж. ишканалары курулганда транспорт ж-а шаар айланасындагы а. ч. өөрчүйт. Талас экон. райончосунда ири Токтогул ГЭСи курулду, Күрп-Сай ГЭСи иштей баштады, Камбар-Ата ГЭСи курулууда. Кетмен-Төбө өрөөнүндө таш туздун ири кени бар. Андан хлор ж. б. химия продуктулары алынат. Кийим тигүү ф-касы м-н тамеки ферментөө з-ду, курулуш материалдар о. ж. ишканалары иштейт. Ири темир-бетон ж-а кирпич з-ддору курулат. А. ч-сы кой чарбасына ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген.

Түштүк Кыргызстан. Мында 3 экон. райончо — Ош — Жалал-Абад, Төмөнкү Нарын ж-а Кадамжай-Хайдаркен жайгашкан. Ош — Жалал-Абад экономикалык райончосу өндүрүш структурасы б-ча татаал аймакташ-өндүрүш комплекси. Мында жеңил ж-а тамак-аш, машина куруу, курулуш материалдар о. ж., пахтачылык, тамеки ж-а мал чарбасынын мааниси зор. Келечекте о. ж. менен а. ч-нын адистештирилген тармактары сакталып, жог. темпте өнүгөт. Конкалуучу Өзгөн көмүр кенинин базасында кокс химия о. ж. өнүктүрүлүшү мүмкүн.

Төмөнкү Нарын экономикалык райончосу Нарын д-ның төмөнкү агымында иштеп жаткан Үч-Коргон ГЭСи м-н катар Таш-Көмүр ж-а Шамалды-Сай ГЭСтери курулат. Таш-Көмүр кенинин Кара-Суу участкасында ото таптуу таш көмүр казылып алынат. Үч-Коргон ГЭСинө жакын Майлы-Сайдын аймагында нефть ж-а газ кени бар. Чаткал кырка тоосунун этектеринен түстүү металлдардын (сымап, сурьма, коргошун ж. б.) ири кендери жайгашкан. Алардын базасында жаңыдан түзүлүп жаткан Терек-Сай тоо-кен о. ж. комплексинин металлургия ишканалары иштейт. Майлы-Сай ш. келечекте электр-техникалык машина куруу о. ж-ның борборуна айланат. Кадамжай-Хайдаркен экономикалык райончосу сурьма м-н сымап чыгаруу б-ча СССРдө алдыңкы орундарда. Райондун о. ж. өндүрүшүн түзүүдө ж-а өнүктүрүүдө көмүр казып алуу чоң роль ойноду. Бул экон. райончо келечекте сурьма, сымап, көмүр, тамеки сырьёсун, бетеме такта, керамика түтүк ж-а ар түрдүү а. ч. продукциясын чыгаруучу ири районго айланмакчы. Кыргыз ССРинин экон. райондору ж-а райончолору калыптанып калган ж-а жаңыдан түзүлүп жаткан өндүрүш комплекстери катары респ-канын эл чарбасын аймак б-ча перспективалуу пландаштыруунун ж-а натыйжалуу уюштыруунун негизи болмокчу.

К. Оторбаев

ӨНӨР ЖАЙЫ

Кыргызстандын о. ж-ы рев-яга чейин жаңыдан эле түзүлө баштап, 1913-ж. эл чарбасындагы о. ж. өндүрүшүнүн үлүшү 3%ти түзгөн. Кыргызстанда о. ж. продукциясы киши башына рев-яга чейинки жалпы Россиядагыга караганда 16 эсе аз чыгарылган. Респ-канын о. ж. жекече кол өнөр өндүрүшүнө негизделип, көбүнчө а. ч. сырьёсун белендеген (бардык о. ж. продукциясынын 86,5%). Кыргызстандын рев-яга чейинки о. ж. өндүрүшү соц. экономиканын тиреги боло алган эмес. Анын үстүнө өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө артта калган өлкөлөрдүн чыныгы теңсиздигин жоюуну, алардын капитализмди аттап социализмге өтүүнүн ишке ашыруу индустриялаштыруунун негизинде гана мүмкүн эле. Ошондуктан Кыргызстандын эл чарбасын кайрадан куруу иши бүткүл өлкөдөгүдөй эле о. ж-дан башталган.

Кыргызстанды индустриялаштыруу мезгилиндеги мурдагы о. ж. объектилерин мамлекеттештирүү ж-а жаңы мамл. ишканаларды куруу, о. эле промысел кооперация ишканаларын уюштуруу б-ча көп иш жүргүзүлдү. Ал ишканалар о. ж. продукциясын чыгаруунун көбөйтүүдө, өз алдынча жекече ишканаларды соц. негизде терип-тешип иштөөгө тартууда чоң роль ойноду. Кыргызстанда соц. кайра куруу иштерине байланыштуу о. ж. объектилери көп салына баштады.

Биринчи беш жылдыкта о. ж-ды өнүктүрүүгө сарпталган капиталдык салым 1925—28-жылдарга салыштырганда 3 эсе өстү. 14 о. ж. ишканасы пайдаланууга берилип, о. ж. өндүрүшү тез өсө баштады. Экинчи беш жылдыкта электр энергетика, түстүү металл, көмүр, жеңил ж-а тамак-аш, курулуш материалдар о. ж-нын 61 ишканасы продукция чыгара баштады. Үчүнчү беш жылдыкта 40 ишкана курулду. Ө. ж. респ-канын эл чарбасынын башкы тармагына айланды. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде борб. райондордон Кыргызстанга 30 ири завод ж-а фабрика көчүрүлүп келинди. Респ-канын о. ж. 1945-ж. 1940-жылга салыштырганда продукциясы 22% көп берген. Согуштан кийинки он жылда (1946—55) 50дөн ашык ишкана: жаңы таш көмүр шахталары, Кан, Кажысай, Кабак кендери, 2-Лебединовка ГЭСи, 2-, 3-, 4-Аламүдүн ГЭСтери, «Кыргызавтомаш» з-ду, Ош электр-механика, Жалал-Абад пахта тазалоо, Ош ж-а

Өнөр жай продукциясының киши башына туура келиши

	1940	1965	1975	1980
Электр энергиясы, *квт/с*	33	898	1325	2511
Пахта буласы, *кг*	17,9	23,0	21,2	17,4
Байпак, жуп	0,2	3,3	3,6	3,7
Тор ич кийим, даана	0,06	3,3	3,6	3,4
Тор сырт кийим, даана	0,04	0,9	2,0	1,5
Булгаары бут кийим, жуп	0,1	1,7	3,0	2,7
Кант—кум шекер, *кг*	42	67	62	7,4
Эт, *кг*	10,8	26,2	33,9	30,1
Колбаса, *кг*	1,7	3,5	5,1	4,6
Мал майы, *кг*	0,8	2,9	2,5	2,8
Майлуу быштак, *кг*	0,3	0,9	1,1	1,4
Ынак сүт продукциясын сүткө айландырганда, *кг*	—	32	54	54
Өсүмдүк майы, *кг*	0,2	6,6	6,2	5,6
Консерва, шарттуу банк	5	23	40	40
Ун, *кг*	110	93	132	121
Кондитер азыктары, *кг*	0,8	8,8	10,1	10,1
Макарон азыктары, *кг*	0,2	2,5	1,9	1,7

Кызыл-Кыя кирпич, Күрмөнтү цемент з-ддору, Быстровка — Рыбачье темир жолу ж. б. курулду.

Өнүккөн социализм мезгилинде респ-канын табигый, эмгек, илимий-техникалык ресурстары кеңири пайдаланылууда. 1966—80-жылдары респ-када ири курулуштар арбын салынып, 87 о. ж. ишканасы, 142деп ашык жаңы цех ж-а участка ишке берилди. Алардын ичинде: Токтогул ж-а Үч-Коргон ГЭСтери, Фрунзе, Майлы-Сай ж-а Ош ТЭЦтери, автомобиль кураштыруу заводу, үй куруу комбинаты, темир-бетон з-ду, тамак-аш ж-а жеңил о. ж-ларынын ири ишканалары, нан, тамеки-ферменттөө з-ддору, камвол-нооту, текстиль комбинаттары, кийим тигүү ф-калары («Октябрдын 40 жылдыгы», «Биринчи Май») ж. б. бар. Станок куруу, түстүү металлургия, прибор куруу, автомобиль ж. б. о. ж. тармактары түзүлүп, өнүгүп жатат. Согуштан кийинки жылдарда, жаңы ишкана куруу м-н катар, өндүрүштү топтоо учурунда согушка чейинки бет жылдыктарда курулган ишканалар жаңы техника м-н жабдылды. Патыйжада ар бир ишкананын негизги өндүрүштүк фондусунун орточо көлөмү көбөйүп, эмгекти фонд м-н жабдуу жогорулады. 1965—81-жылдарда өндүрүштүк о. ж. фондусу 4,2 эсе, эмгектин фонд м-н жабдылышы 3,4 эсе өстү. Респ-канын о. ж-нда өндүрүш процесстерин механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу, технологияны өркүндөтүү, жаңы продукцияны өздөштүрүү ж. б. б-ча орто эсеп м-н жылына (1970-жылдарда) 5 мингөн ашуун иш иштелген. Үзгүлтүксүз линияларда жабдуу кеңири пайдаланылууда. Ишке киргизилип, механикалаштырылган үзгүлтүксүз линиялардын саны 329дан (1965) 1279га (1981), комплекстүү механикалаштырылган, автоматташтырылган ж-а комплекстүү автоматташтырылган цех м-н участкалар 155тен 746га жетти. Жыл сайын эмгектин электр м-н жабдылышы артууда. Респ-канын о. ж. б-ча жалпысынан бул көрсөткүч 7917 *квт·стан* (1965) 12 249 *квт·ска* (1981) чейин өскөн. Онунчу беш жылдыкта респ-канын о. ж. эл чарбасынын алдыңкы механикалаштырылган тармагына айланып, жаңы ийгиликтерге жетишти.

Ири о. ж. ишканаларынын курулушу, бай табигый ресурстардын пландуу пайдаланылышы, транспорт-экономика байланышынын жакшырышы, эмгек ресурстарынын өсүшү респ-када о. ж. өндүрүшүнүн тез өнүгүшүнө зарыл шарт түздү. 1913—81-жылдарда анын продукциясы 379 эсе көбөйгөн. Кыргызстанда о. ж-дын дүң продукциясынын жылдык орточо өсүү темпи бир кыйла жогорулады. Мис., 4-беш жылдыкта (1946—50) өсүү темпи 11,9%, 5-беш жылдыкта (1951—55) 12,2%, 6-беш жылдыкта (1956—60) 10,2%, 7-беш жылдыкта (1961—65) 10,8%, 8-беш жылдыкта (1966—70) 13%, 9-беш жылдыкта (1971—75) 8,7%, 10-беш жылдыкта (1976—80) 4,8%ти түздү. Респ-канын эл чарбасында о. ж-дын мааниси барган сайын жогорулоодо. 1980-ж. коомдук дүң продукциянын 55,6% о. ж. үлүшүнө туура келген.

Өнөр жайдын ылдам өнүгүшү Кыргызстандын жумушчу табынын өсүшүнө шарт түздү. 1913-ж. бардыгы 2,5 миң жумушчу болсо, 1-беш жылдыктын алгында алардын саны 14,5 миңге чейин көбөйүп, 1940-ж. 36 миң, 1975-ж. 197 миң адамга жеткен. 10-беш жылдыкта о. ж. өндүрүш персоналдарынын саны 11,2% көбөйгөн. 34 кесипчилик-техникалык окуу жайында, мектептерде, о. ж. ишканаларынын өзүндө респ-канын о. ж. үчүн жогорку квалификациялуу кадрлар даярдалат. 1970—79-жылдарда о. ж. үчүн жог. билимдүү адистерди даярдоо 20%ке, атайын орто билимдүү адистерди даярдоо 49%ке өстү. 1979-ж. респ-канын эл чарбасында эмгектенген жог. билимдүү адистердин 11%, атайын орто билимдүүлөрдүн 20% о. ж-да иштешти. Ө. ж. кызматкерлеринин чыгармачылык активдүүлүгү дайым өсүүдө. 1960-ж. о. ж-нда 8914 рационализатор ж-а ойлоп чыгаруучу иштеп, 1981-ж. алардын саны 18 090 адамга жеткен. Өндүрүшкө киргизилген негиздүү сунуштардын саны 8064тен 12 725ке көбөйгөн.

Респ-канын о. ж. өндүрүшүн жайгаштыруу бир кыйла өзгөрүү болду. Рев-яга чейинки Кыргызстандын о. ж. калк отурукташкан айрым жерлерде гана болсо, азыркы мезгилде бардык райондордо, 18 шаар ж-а 32 ш. т. посёлкада жайгашкан. Респ-канын табигый шартынын өзгочолугу (аймагынын көбү тоо) о. ж-ды жайгаштыруу чоң таасир тийгизет. Тоолуу жерлерде негизинен тоо-кен о. ж., өрөөндөрдө иштеп чыгаруучу о. ж. жайгашкан. Совет бийлиги жылдарында респ-канын о. ж-ынын тармактата түзүлүшү да өзгөрдү.

Өнөр жайдын түзүлүшү
(дүң продукциянын жыйынтыгы % м-н)

Тармак	1913	1940	1960	1980
Бардык о. ж.	100	100	100	100
Энергетика	—	0,6	1,8	1,3
Отун	0,8	6,3	5,3	3,7
Машина куруу ж-а металл иштетүү	3,0	13,3	13,9	29,1
Токой ж-а жыгач о. ж.	3,5	4,7	3,4	1,4
Курулуш материалдар	0,9	1,8	4,4	3,8
Жеңил	19,7	23,7	29,3	29,7
Тамак-аш	68,5	46,4	36,3	20,9

1940—80-жылдарда электр энергетиканын салыштырма салмагы (дүң продукция б-ча) 6,1 эсе, машина куруу м-н металл иштетүүнүкү 2,2 эсе, курулуш мате-

Кыргызстандын өнөр жайынын негизги экономикалык көрсөткүчтөрү

	1940	1965	1970	1975	1980
Бардык о. ж. продукциясы 1940-жылга карата % м-н	100	1036	1909	2901	3670
1965		100	184	280	354
1970			100	152	192
1975				100	127
Өндүрүш каражаттарын өндүрүү («А» группасы) 1965-жылга карата % м-н		100	205	320	415
Кали керектөөчү товарларды өндүрүү («Б» группасы) 1965-жылга карата % м-н		100	151	215	256
Эмгек өндүрүмдүүлүгү (ар бир иштеген адамга дүң продукциянын өндүрүлүшү) 1940-жылга карата % м-н	100	273	375	480	537
1965		100	137	176	197
1970			100	128	143
1975				100	112
О. ж. продукциясынын маанилүү түрлөрүн өндүрүү (натуралай түрдө):					
электр энергиясы, млн *квт·с*	52	2312	3538	4371	9172
Жарык электр лампалары, млн даана			112,1	323,3	357,0
Жүк автомобилдери, миң даана			12,1	17,7	22,2
Чоп таңгактагыч, миң даана		7,0	15,8	28,1	31,0
Курама темир-бетон конструкциясы ж-а тетик, миң $м^3$		327	561	776	846,1
Кирпич, млн даана	60	432	547	599	566
Байпак, миң жуп	322	8621	7454	11818	13399
Трикотаж ич кийим, миң даана	97	8340	10303	11779	12289
Трикотаж тыш кийим, миң даана	65	2330	5396	6468	5606
Булгаары бут кийим, миң жуп	181	4391	9628	9767	9815
Кумшекер, миң *т*	66	174	198	206	2704
Эт (I-категориядагы субпродукт м-н бирге), миң *т*	16,8	68,3	78,8	111,8	109,5
Консервалар, млн шарттуу банка	7,3	60,1	79,4	130,9	147,8

рналдардыкы 2,1 эсе ж. б. көбөйгөн. Ар бир тармакта ө. ж. өндүрүшүнүн жаңы прогрессивдүү тармакчалары пайда болуп өнүгүүдө. Машина курууда электр-техникалык, прибор куруу, электрондук, автомобиль куруу тармактары ото тез өнүгүүдө. Курулуш материалдар ө. ж-ында жогорку маркадагы цементти, жаңы дубал материалдарын, айнек, атайын маркадагы кирпичти ж. б. чыгаруу өздөштүрүлдү. Текстиль ө. ж. тармагынын да салыштырма салмагы жогорулады. Респ-када өндүрүш каражаттары тез өнүгүүдө, 1970—80-жылдарда өндүрүш каражаттары 2 эсе, калк керектөөчү буюм 1,7 эсе көп чыгарылды.


Кыргызстандын ө. ж. 130 тармактан ж-а тармакчадан туруп, анын тармактата түзүлүшү оркүндөдө. Респ-када а. ч-сы белендөөчү продукцияны чыгаруучу (тоют ж. б.) ишканалар пайда болду. Ө. ж-дын тармактата түзүлүшүн ж-а комплекстүү өнүктүрүү деңгээлин жогорулатуунун натыйжасында ө. ж. өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен эң акыркы (белен) продукциянын үлүшү улам артууда. Мында өндүрүштүн татаал ж-а прогрессивдүү тармактары чыгарган продукция да көбөйүүдө. Мис., респ-канын машина куруу ишканалары продукциянын 200дөн ашуун түрүн чыгарат. 1976—79-жылдарда бул ишканаларда эл чарбасы үчүн 179 түрдүү жаңы продукция чыгарылган. Чыгарылган продукциянын сапаты да жакшырууда. 1981-ж. аттестацияланган ө. ж. продукциясынын 32,8% жогорку ж-а 1-категорияда чыгарылган. Респ-канын ө. ж. продукциясынын 150дөн ашуун түрү өлкөнүн ар кайсы райондоруна жөнөтүлөт.

А. Молдокулов

МАШИНА КУРУУ ЖАНА МЕТАЛЛ ИШТЕТҮҮ

Кыргызстанда металл иштетүүчү ишканалар 1-бештжылдыкта пайда болгон (1931-ж. Фрунзеде ремонттоомеханикалык з-д ишке киргизилген). 30-жылдарда металл иштетүүчү ө. ж. ыкчам темп м-н өнүккөн. 1928—40-жылдарда ө. ж-дын дүң продукциясынын көлөмү 10,4 эсе көбөйсө, металл иштетүү 26,1 эсе өскөн. 1940-ж. бул тармак ө. ж-дын 13,3%ин түзгөн. Бул мезгилдерде респ-канын ө. ж-нын машина куруу тармагы калыптанып, анын салыштырма салмагы 1940-ж. металл иштетүүнүн жалпы көлөмүнүн 6,0%ин түзгөн. Айрыкча Улуу Ата Мекен согуш жылдарында көчүрүлүп келген ишканалардын базасында машина куруу ө. ж. ото тез өскөн. Согуштан кийинки жылдарда респ-канын машина куруу тармагында жаңы этап башталып, жогорку темп м-н өнүктү; анын тармактарга бөлүнүшү жакшыртылып, машиналардын ж-а приборлордун татаал түрлөрүн чыгаруу өздөштүрүлдү. Алтынчы беш жылдыкта прибор куруу, автомобиль куруу, электр-техника ө. ж., насос өндүрүшү сыяктуу машина куруу тармактары пайда болгон. Респ-када машина куруу ө. ж-дын башка тармактарына ж-а жалпы СССРдеги машина курууга салыштырганда озуцку темп м-н өнүккөн. 1941—60-жылдарда СССРдө машина куруу ж-а металл иштетүүнүн дүң продукциясынын жалпы көлөмү 9 эсе, ал эми Кыргызстанда 27,2 эсе көбөйгөн.

1961—70-жылдарда респ-када ө. ж-дын дүң продукциясы 3,1 эсе өссө, машина куруу м-н металл иштетүү продукциясы 6 эсе өсүп, ал алдыңкы ө. ж. тармагына айланды. Машина куруу тармактарынын ичинен электр-техника ө. ж., прибор куруу, автомобиль куруу, радиоэлектроника тармактары тез оскон. Машина куруу ж-а металл иштетүүнүн ө. ж-дагы салыштырма





СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө. 1974.
Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн башкы павильону. Арх. В. Лызенко, А. Нежурин. 1974.



М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу з-ду чыгарган «Кыргызстан» чөп таңгактагычтары.




1



2




3




4

Өнөр жай. 1—2. Фрунзе кондитер бирикмесинин продукциялары. 3—4. Фрунзе шампан-шарап комбинатынын продукциялары.




1



2

3






4


5

6






Эл чарбасы. 1. Чөмүч плотинасы. 2. Жалал-Абад пахта з-ду. «Ак-Бешим» к-зунда кант кызылчасын сугаруу. 5. Жаңы-Жол р-нунун «Кара-Алма» токой чарбасында жаңгак жыйноо. 3. Чүй өрөөнүндө эгин оруп-жыйноо. 4. Чүй р-нунун р-нунун «Кызыл-Суу» с-зунда тамеки жыйноо. 6. Сузак



1



2

1. Фрунзе электр вакуум машиналарын куруучу тажрыйба з-дунун кураштыруу цехи. 2. Майлы-Сай электр лампа з-дунда.


салмагы 1960-жылдагы 13,7%тен 1970-ж. 22,9%ке кобойгон. Машина куруунун осушу жаңы ишканаларды куруу, о. эле мурдагы ишканаларды реконструкциялоо жолу м-н ишке ашырылууда. 60-жылдардагы онүгүү жаңы ишканаларды куруунун эсебинен жүргүзүлгөн. 1960-ж. 7 машина куруу заводу болсо, 1970-ж. 15 завод ж-а бир бирикме иштей баштаган.


1961—70-жылдарда электр-техника о. ж. продукциясынын колому 30,9 эсе кобойуп, адистештирилген заводдор: Кайыңды кабель з-ду, Кыргызстан электр кыймылдаткыч, оор электр машина куруу з-ддору, Ысык-Кол электр-техника з-ддор бирикмеси, Майлы-Сай электр лампа заводу пайдалануура берилген. Электр-техника о. ж. машина куруунун эң ири тармагына айланды. Жаңы продукциялардын түрлөрү өздөштүрүлдү: изоляциялагыч материалдар, кабель, ири электр машиналары, электр лампа, кремнийлүү жарым откоргучтүү вентилдерди чыгаруу, электр лампа з-ддору үчүн автоматташтырылган катарлар, кир жуугуч машиналарды кураштыруу жонго салынган. 60—70-жылдарда автомобиль куроо да онүктү. Бул тармакта респ-када эки завод («Кыргызавтомаш» ж-а Фрунзе автомобиль кураштыруу) иштейт. «Кыргызавтомаш» з-ду автомобиль радиаторун, автомобиль тетиктери м-н түйүндөрүн, мотоциклге каптал чиркеме чыгарууга адистештирилген. 1967-ж. иштей баштаган Фрунзе автомобиль кураштыруу з-ду а. ч. продукцияларын ташуучу ГАЗ-53Б ж-а САЗ-3502 автосамосвалдарын чыгарат. Ушул заводдордун базасында 1980-ж. «Кыргызавтомаш» бирикмеси түзүлгөн. 7—8-беш жылдыктарда прибор куруу бир кыйла онүккөн. Мурдагы иштеп жаткан Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атп. прибор куруу з-ду м-н катар 1964-ж. текшергич-олчогуч прибор з-ду курулган. Жаңы радиоэлектроника о. ж. тармагы пайда болду.

Респ-када а. ч. машиналарын Фрунзе атп. з-д чыгарат. Бул СССРде чөп таңгактагыч чыгаруучу бирден бир ишкана болуп эсептелет. Анын чыгарган продукциясы 1961—70-жылдарда 7,9 эсе өскөн. Машина куруунун сапаты да озгорду: чыгарылуучу продукциянын ассортименти бир кыйла кеңейип, машиналар м-н приборлордун көп жаңы ж-а татаал түрлөрү (жүк ташуучу автомобилдер, кремнийлүү вентилдер, металл кесүүчү станоктор, аз кубаттуу электр кыймылдаткычтар, жарык бергич электр шамдары, газ плитасы, монета механизми, электр-техника о. ж. үчүн автоматташтырылган катарлар, текшергич-олчогуч приборлор ж. б.) өздөштүрүлдү. 9-беш жылдыкта «Оргтехника» з-ду ж-а ЭЭМ чыгаруучу адистештирилген з-д ишке киргизилген.

70-жылдарда иштеп жаткан ишканаларда өндүрүштү адистештирүүнүн ж-а топтоонун деңгээлин көтөрүү б-ча ип-чаралар жүргүзүлгөн. Натыйжада машина куруу о. ж-нда адистештирүүнүн бардык формалары (буюмдата, тетиктете ж-а технологиялык) онүккөн. Майлы-Сай электр лампа, Фрунзе автомобиль кураштыруу, Ош насос, «Кыргызкабель» з-ддору жогорку адистештирилген ишканалардын катарына кирет. Респ-канын машина куруу тармагын онүктүрүүдө сапаттык ж-а сандык жаңы өзгөрүүлөр болду: бул мезгилде о. ж-дын дүң продукциясынын колому 16,9%ке өссө, машина куруунун негизинен иштеп жаткан ишканаларды техникалык кайра жабдуунун ж-а реконструкциялоонун эсебинен 31,8%ке кобойгон. Респ-канын о. ж-ның

«Кыргызавтомаш» з-дунда мотоцикл кураштыруу.





Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. прибор куруу з-дунун монтаждоо цехи.

ичинен машина куруу м-н металл иштетүүнүн салыштырма салмагы 23,5%тен (1975) 27,3%ке (1981) жогорулаган.

1980-ж. 1975-жылга караганда өзгөрмө токтуу электр кыймылдаткычын 198 миң даанага, томонку вольттуу электр аппараттарын 3,3 млн сомго, металл кесүүчү станокторду 123 даанага, приборлорду, автоматташтыруу каражаттарын ж-а аларга запас тетиктерди 7 млн сомго, борбордон четтеткич насосторду 4,5 миң даанага көп чыгарган. Респ-канын райондорунда ишканаларды туура жайгаштыруу машина куруунун тармакка болүнүшүн жакшыртууга көмөк болду. Машина курууда Ош, Ысык-Көл ж-а Нарын обл-тарынын салыштырма салмагы да өсүүдө. Чүй ороонү, а. и. Фрунзе ш. респ-канын башка райондоруна караганда машина куруунун өсүү деңгээли жагынан кыйла алдыда. 1981-ж. респ-кадагы машина куруу продукциясынын 79%ин Чүй ороонунун ишканалары түзгөн. Бул жерде респ-кадагы прибор куруунун 87,3%, а. ч. машиналарын куруу, автомобиль ө. ж., курулуш материалдар о. ж-нын тармактары топтолгон. Чүй ороонунун ыңгайлуу геогр. шарты, анын өнүккөн транспорт тармактары, эмгек ресурстарынын көптүгү, түрдүү ил. из. үюмдарынын изилдөө иштери машина куруунун жайгашуусуна ж-а өнүгүшүнө түртүк берди. Машина куруунун өнүгүшү б-ча 2-орун Ош обл-на таандык. Респ-кадагы машина куруу продукциясынын көлөмү б-ча 1981-ж. анын салыштырма салмагы 14,5%ти түзгөн. Областта машина курууга адистештирилген Ош насос з-ду, Майлы-Сай электр лампа, изоляциялык материалдар з-ддору, Жалал-Абад штепсель жасоо з-ду жайгашкан. 1981-ж. машина куруу ж-а металл иштетүү б-ча Ысык-Көл обл-нын салыштырма салмагы 5%ти түзгөн. Бул жерде кремнийлүү жарым өткөргүчтүү вентилдерди ж-а томонку чыңалуудагы аппараттураларды чыгаруучу 2 завод иштейт. Нарын обл-нда машина куруу ө. ж-нын «Оргтехника» з-ду бар. Респ-канын машина куруу о. ж. жалпы союз б-ча адистештирилип, алдыңкы техника м-н жабдылган 13 тармакты, 37 ишканаңы камтыйт.

Кыргызстан машина куруунун өсүү деңгээли б-ча О. Азияда Өзбекстандан кийин 2-орунда, ал эми жүк ташуучу автомобиль, насос, электр лампа з-ддору үчүн автоматташтырылган катарды, газ плитасын, кремнийлүү жарым өткөргүч вентилдерди, тамак-аш казандарын ж. б. чыгаруу б-ча 1-орунда. Кыргызстандын машина куруу продукциялары өлкөбүздүн башка райондору ж-а союздаш респ-калар м-н экон. байланышын чыңдоодо маанилүү роль ойнойт; бардык соц. өлкөлөргө, о. эле айрым капиталисттик өлкөлөргө чыгарылат.

А. Ж. Термечиков

КУРУЛУШ МАТЕРИАЛДАР ӨНӨР ЖАЙЫ

Курулуш материалдар ө. ж. чыдамдуу материалдарды ж-а конструкцияларды, жакшыртылган сапаттуу курулуш элементтерин пайдалануунун негизинде курулуштун техникалык прогресси м-н курулуш-монтаж жумуштарынын көлөмүнүн тынымсыз өсүшүн камсыз кылат. Рев-яга чейинки Кыргызстанда курулуш материалдар ө. ж-нын өндүрүш деңгээли төмөн, иштелип чыгарылган материалдардын ассортименти аз болгон. 1910-жылдагы маалымат б-ча Кыргызстандын аймагында көбүнчө убактылуу, жөнөкөй 6 кирпич заводу, бир аки таш бышыруучу з-д иштеген. 1922-ж. 0,4 млн даана, ал эми 1924-ж. 1 млндой кирпич чыгарылган. Черепица м-н аки таш анчалык көп даярдалган эмес. 1927-ж. респ-када курулуш материалдар о. ж-нда «Кыргыз курулуш бирикмесине» кирген бир кирпич з-д ж-а «Кыргыз өнөр жай союз» о. ж. кооперациясынын системасындагы кустардык-промыселдик өндүрүш гана болгон. Тармак 30,9 миң сомдук 1 млн даана кирпич чыгарган (1928-жылдагы баа б-ча). 1936-ж. кирпич чыгаруу 28,9 млн даана кирпичке чейин жеткен. Курулуш материалдар ишканаларынын кубаттуулугу мурдагыдай эле төмөн болгон. Согуштан кийинки жылдарда курулуш материалдар ө. ж. бир кыйла өстү. Респ-кадагы эң ири Кыргыз курулуш материалдар комбинаты, бир топ башка ишканалар реконструкцияланган. 1946—50-жылдарда кирпич 6,9 эсе, аки таш 5,2 эсе, черепица 28 эсе көп даярдалган. 1953-ж. Күрмөнтү цемент з-ду (Ысык-Көл обл.) иштей баштаган. КПСС БК м-н СССР Министрлер Советинин «Курулушка керектүү курама темир-бетон конструкциялары менен курулуш үчүн тетик өндүрүшүн өнүктүрүү жөнүндө» (1954, 19-авг.) ж-а «Курулушту улам индустриялаштыруу, сапатын жакшыртуу жана наркын төмөндотүү боюнча чаралар жөнүндө» (1955, 23-авг.) токтомдору кабыл алынып, 1954—55-ж. бүткүл өлкө б-ча курулушту индустриялаштыруунун бурулуш мезгили болду. 1955—60-жылдарда курама темир-бетон, гипс куймалуу курулуш материалдар, кантооч такта өндүрүшү пайда болгон. 60-жылдарда Кант ш. т. посёлкасында цемент-шифер комбинаты, Жел-Арык аки таш з-ду, көндөйчолүү бетон, керамзит жасоо б-ча цехтер ж. б. курулган.

Курулуш материалдар б-ча при ишканалар негизинен Фрунзе ш. м-н респ-каның түштүгүндө — Ош ш-нда жайгашкан. Курулуш материалдарынын ассортименти көбөйүп, сапаты жакшырган. Негизги курулуш материалдар цемент, шифер, асбест-цемент түтүктөр, аки таш, айнек ж-а дубал материалдары респ-каның өзүндө чыгарылат. Курулуш материалдар ө. ж-нын ишканалары негизинен курулуш материалдарын көп жасоочу ж-а аны арбын керектоочу Чүй, Фергана ороондорүндө, о. эле азыноолак Ысык-Көл, Талас обл-нда жайгашкан. Респ-кадагы иштеп жаткан курулуш материалдар ишканаларынын жарымы Чүй ороону м-н Фрунзеде. Чүй зонасы чыгарылып жаткан продукциянын көлөмү ж-а түрү б-ча 1-орунда. Мында бир топ ишкана: Кант цемент-шифер комбинаты (1 млн тдан ашуун цемент, 96 млн шарттуу шифер, 1,6 миң км-ге жакын асбест-цемент түтүк чыгарылат), Кыргыз курулуш материалдар комбинаты [75 млндой кирпич, 140 миң $м^3$ коштюк толтургуч (керамзит, аглопорит), 13 миң т аки таш, 33 миң $м^2$ кооз айнек такта], Ивановка курулуш материалдар комбинаты (дубал материалдары —


129 млндой кирпич, жер титиреөгө туруктуу блок, жылуулук өткөрбөс такта; руда эмес шарттуу материалдар 650 миң $м^3$ ж. б.), Токмок айнек з-ду (9,4 млн $м^2$ айнек такта ж. б.), Чүй таш чегүү з-ду (табигый таштар — 54 миң $м^3$ гранит, сиенит, мрамор буюм; 650 миң $м^3$ руда эмес курулуш материалдары) «Красный строитель» з-ду (11 миң $м^2$ гранит; 45 млн шарттуу кирпич) бар.

Ош обл-нда продукциянын 8 түрү чыгарылат. Гипстүү продукция чыгаруу өздөштүрүлүп, ишке киргизилген. Ош курулуш материалдар комбинаты — бул зонадагы при ишканалардан (75 млн даана шарттуу кирпич). Ысык-Көл зонасында 3 ишкана иштейт. Мында кирпич, цемент, руда эмес курулуш материалдары, керамзиттүү майда шагыл таш чыгарылат. Күрмөнтү цемент з-дүн реконструкциялоо анын кубаттуулугун жылына 83 миң т цементке чейин жеткирет. Талас зонасында руда эмес материал ж-а кирпич з-ддору иштейт. Сегизинчи ж-а 9-беш жылдыктарда курулуш материалдарынын жаңы түрлөрүн — асбест-цемент түтүк, керамзит, таарынды-сүрүндү жыгач такта, курулуш айнек буюму, табигый таш м-н керамикадан кантооч такта чыгаруу жөнгө салынган. Курулуш кирпичин жасап чыгаруу көбөйтүлүүдө. Курулуш материалдар өндүрүшү ө. ж-дын өнүккөн тармагы катары респ-каның курулушун толук камсыз кыла алат.

1960—80-жылдарда О. Азия экон. районунда Кыргызстандын үлүшүнө 16—18% цемент, 25%тен көбүрөөк шифер, 24%ке жакын дубал материалдары туура келген. Кыргызстан курулуш материалдарынын кээ бир түрлөрү б-ча коңшу респ-калар м-н кооперация түзөт. 1980-жылдын башында респ-кадагы 19 курулуш материалдар ишканасында 11,4 миң киши иштеп, тармактын негизги өндүрүш фондусу 110,5 млн сомду түзгөн. Кыргызстан сырьёлук ресурска бай ж-а курулуш материалдар өндүрүшүнө мындан ары да кеңейтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Кыргыз жергесинде лёсс, аки таш (Чаңгыр-Таш, Шураб кендери), гипс (Ноокат, Чаңгыр-Таш, Ордо-Шах кендери), сиенит (Ак-Өлөң, Орто-Токой кендери) гранит (Кыртабылгы кени), мрамор (Арым, Грозный кендери), кум-шагыл кендери бир кыйла. Тиричилик ж-а курулуш айнеги өндүрүлүүчү кварцтуу кум кени ж-а ар түрдүү курулуш материалдарын иштеп чыгарууга керектелүүчү, о. эле руда эмес материалдар жасалуучу сырьёлорду ж-а ө. ж. калдыктарын комплекстүү пайдалануу өздөштүрүлүүдө. Таш белендөө ө. ж. келечекте кеңири өнүктүрүлөт. Табигый коюу материалдарды (сиенит, мрамор ж. б.) казып алуу б-ча карьерлерди, мрамор, сиенит ж. б. материалдардын калдыктарынан кураштырып чаптама мозаика

1977—81-жылдарда курулуш материалдар, айнек ж-а фарфор-фаянс ө. ж-ның тармактары б-ча продукциянын жалпы көлөмүнүн өсүш темпи

	1975-жылга карай % м-н		
	1977	1980	1981
Курулуш материалдар ө. ж.	99,8	110,5	112,2
а. и.:			
цемент ө. ж.	101,0	108,1	107,6
курама темир-бетон конструкция ж-а буюм ө. ж.	93,5	106,2	104,2
дубал материалдар ө. ж.	101,2	112,3	104,6
руда эмес курулуш материалдар ө. ж.	106,9	105,8	137,1
Айнек ж-а фарфор-фаянс ө. ж.	108,2	131,7	151,2
а. и.:			
айнек ө. ж.	112,2	131,7	151,2



цехин куруу белгиленген. Айнек о. ж. өндүрүшүн кеңейтүү каралган. Онунчу беш жылдыкта Токмок айнек з-дунда жаңы продукция — айнек кристаллит, сталинит, стемалит, о. эле турмуш тиричиликке керек айнек буюмун чыгаруу арбын, ассортименти кеңейтилет. Жасалга материалдар өндүрүшүн көбөйтүү белгиленген. Бул материалдар ар түрдүү, кооз ж-а чыдамдуу, пайдаланууга ыңгайлуу келип, арзан түшөт, кооздоо иштерин индустриялык жол м-н жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Азыркы архитектура м-н курулуш талабына жооп бере турган, пайдалануу жагынан техникалык жог. көрсөткүчкө ээ, сапаттуу материалдарды чыгаруу көбөйтүлөт.


А. С. Маслиниковский, В. В. Куликов

ТОО-КЕН ӨНӨР ЖАЙЫ

Рев-ляга чейинки Кыргызстанда тоо-кен о. ж-нда алтын, озокерит ж-а темир купоросун казып алуу б-ча гана жекече ишканалар болуп, анын кен байлыгы пландуу изилдөбөй, претсиз пайдаланылган.


Кен байлыкты пландуу изилдөө Окт. рев-ясынан кийин, 20-жылдардын ортосунан баштады. Көп кендер, алардын ичинен эң ирилери — сурьма, сыман, коргошун ж-а цинк кендери ачылып, каттоого алынды.

Соц. курулуш жылдарында түстүү металлургия пайда болуп, өнүгө баштайт. Респ-ка бир катар түстүү металлдарды казып алуу ж-а кайрадан ылгап иштетүү б-ча, айрыкча сыман, сурьма өндүрүшү өлкөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Сыман м-н сурьманын ири кендери (Хайдаркен, Кадамжай) 1914-ж. эле ачылган. Бирок СССРде сурьманы 1-жолу о. ж-да кайрадан ылгап иштетүү 1936-ж. Кадамжай кенинде уюштурулган. Өлкө буга чейин сурьманы чет мамлекеттен алган. 1941-ж. Кадамжай сурьма кенинин базасында азыркы техника менен жабдылган Фрунзе атн. металлургия комбинаты курулуп, 1942-ж. сыман-сурьма кенинин базасында Хайдаркен сыман комбинаты иштей баштаган. Согуштан кийинки жылдарда Сыман, Чоң-Кой кендеринин жанында сыман казып алуу б-ча жаңы тоо-кен ишканасы курулгандан кийин гана сыман-сурьма о. ж. кеңири өнүгө баштаган. 80-жылдардын башталышында сыман-сурьма о. ж-нда сыман алуу б-ча Хайдаркен, Чаувай, Чоң-Кой, сурьма б-ча Кадамжай, Терек-Сай ишканалары иштеген. Бул жерлерден кен казып алуу ачык ж-а жер астынан казуу жолдору м-н жүргүзүлүп, жумуштун баары механикалаштырылган.



Кыргыз сурьмасы Су — 00.

Кадамжай сурьма комбинатынын сурьма ылгоо цехи.



Кыргыз сурьмасы Су — 00.

Кыргыз сурьмасы — дүйнөлүк эталон болуп эсептелет; 1959-ж. Брюсселде Бүткүл дүйнөлүк коргозмодо алтын медалга татыктуу болгон. Респ-када сурьмадан башка коргошун, цинк да казылып алынат. Коргошун м-н цинк чыгаруу ишканасы Ак-Түз (1942), Борду (1949) рудниктеринде иштей баштаган. Алар Сумсардан да казылып алынат. Кийинки кездерде Ак-Түз, Борду, Кан ж-а Сумсар рудниктеринин негизги запасы түгөнгөндүктон алардагы өндүрүш курулмалары сейрек металл рудаларын казып алууга багытталган.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Кыргызстандын түстүү металлургиясы өлкөнүн коргонуу о. ж-н сыман, сурьма, коргошун, цинк ж-а вольфрам м-н камсыз кылууда маанилүү роль ойногон. Ар кайсы мезгилдерде анчалык көп эмес болсо да Нарын аймагынан вольфрам, Талас аймагынан алтын казылып алынган. Респ-канын аймагында тоо-химия сырьёсуна кирүүчү күкүрт, мышьяк ж-а түрдүү туз кендери бар. 1935-ж. Чаңгыр-Таш күкүрт кени пайдалануюга берилген. Мезгил-мезгили м-н Чоң-Туз (Кочкор р-нунда), Желди-Суу (Кант р-нунда) жана башка туз кендери казып алынып турган.

Респ-канын бардык о. ж-нын ичинен түстүү металлургияның дүң продукциясынын көлөмү 1933-ж. 0,3% болсо, 1965-ж. 3,1%ке жеткен. Тогузунчу 5 жылдыкта түстүү металлургия чыгарган продукция 1,5 эсе көбөйгөн. Согуштан кийинки жылдарда түстүү металлургия ишканаларында руданы байытууга жаңы реагенттер колдонулуп, прогрессивдүү комплекстүү-селекциялык схема киргизиле баштаган (Хайдаркен кен байытуу ф-касы). Алдыңкы методдорду киргизүүнүн натыйжасында эмгек өндүрүмдүүлүгү бир кыйла жогорулап, продукциянын сапаты жакшырып, өз наркы төмөндөгөн. Респ-канын аймагында 80-жылдардын башталышында ар түрдүү кен байлыктардын 2 миңден ашык кени ж-а чакан кендери ачылып, каттоого алынды. Калай, алюминий, висмут, темир, марганец күкүрт колчеданы, туз жана башка кен жаткан жерлер о. ж-да өздөштүрүүгө бериле элек. 10 млрд *т* запасы бар Жетим темир кени (Борб. Тянь-Шанда) ж-а кокстолуучу көмүрү бар Өзгөн кени келечекте респ-канын кара металлургия, кокс-химия о. ж-нын базасы болмокчу. Сурьма ж-а сыман өндүрүшүнүн сырьё базасы казылып жаткан терең горизонттор м-н флангаларды дагы да чалгындоо эсебинен кеңейтилет. Сыман казып алуу б-ча өндүрүштүк жаңы объектилер ишке киргизилүүдө. Комплекстүү Миронов висмут кенин өздөштүрүүнүн практикалык зор мааниси бар. Респканын аймагында сейрек ж-а чачынды элементтердин (индий, галлий, кадмий ж. б.) бир катар кендери табылган. Буларды келечекте о. ж-да пайдалануу жер түшкүрүндөгү табигый элементтерди алуунун жаңы методдору м-н технологиялык ыкмаларын өздөштүрүүгө байланыштуу болмокчу.

А. Иманбеков

ОТУН ӨНӨР ЖАЙЫ


Респ-канын оор о. ж-нын ичинен отун о. ж-нын дүң продукциясы көлөмү б-ча 2-орунду ээлейт. Анын үлүшүнө о. ж. өндүрүшүнүн 13%, о. ж. өндүрүшүнүн негизги фондусунун 20%, о. ж-лык эмгек ресурсунун 10% туура келет. Отун о. ж. продукциясы темир жол м-н ташылган жүктүн көлөмүнүн жарымын түзөт. Кыргызстанда көмүр казып алуу ишканалары 19-к-дын 2-жарымында Ош обл-ндагы Сүлүктү м-н Кызыл-Кыяда пайда болгон. Кок-Жаңгакта көмүр кени 1910-ж., Таш-Көмүрдө 1916-ж. казыла баштаган. Кыргызстандын аймагынан казылган көмүрдүн өлчөмү 1913-ж. О. Азиядагы бардык казылып алынган көмүрдүн 70%ин түзгөн. Нефть чалгындоо иши 1900-жылдан башталган. Биринчи мерте нефть Майлы-Сай озонунан табылып, жылына 65 *т* алынып, ал 1913-ж. 3000 *тга* жеткен. Кыргызстандын аймагында 1913-ж. 7 нефть скважинасы болгон.

Отун о. ж-ныи жалпы көлөмүнүн 1960—80-жылдардагы өсүш темпи

Өнөр жайы	1960	1965	1970	1975	1980
Нефть	10,3	7,9	9,2	7,3	5,5
Көмүр	2,1	2,3	2,4	2,6	2,7


Рев-ляга чейин Кыргызстанда отун о. ж. башка о. ж. тармактарына салыштырганда мурдараак калыптанган. Кызыл-Кыя көмүр шахтасын, Майлы-май нефть промыселин негизинен немец, француз, бельгиялык, англиялык ж-а америкалык акционер коомдору өздөштүргөн. 1913-ж. респ-канын аймагында 27 көмүр шахтасында 871 жумушчу, 2 нефть промыселинде 55 жумушчу иштеген. Бул ишканалардын үлүшүнө респканын бардык фабрика-завод жумушчуларынын 59% ж-а продукциянын 50% туура келген. Көмүр жылына 50 миң *т*дан 100 миң *т*га чейин казылып алынып, шахталардын кубаттуулугу ар түрдүү болгон. Кыргызстанда казылган көмүрдүн 60,2% Кызыл-Кыядан, 23,3% Сүлүктүдөн, 10,4% Кок-Жаңгактан, 3,0% Таш-Көмүрдөн алынган.

Респ-канын азыркы отун о. ж-нда мыкты механикалаштырылган ишканалар бар. Отун о. ж-ндагы жумушчулардын 95%ке жакыны көмүр о. ж-нда иштейт. Казылып алынган көмүрдүн 80% Казакстанга, О. Азия респ-каларына жөнөтүлөт. Граждандык согушка байланыштуу Совет бийлигинин биринчи жылдарында көмүр казып алуу бир кыйла кыйынчылыктарга учураган. Түркстан КПнин 8-съездинин (1924, май) чечимдеринде отун о. ж-н реконструкциялоо каралып, ал көмүр о. ж-н калыбына келтирүүдө ж-а өркүндөтүүдө маанилүү роль ойногон. 1924-ж. Горчаковдон Кызыл-Кыя кенине баруучу эни кууш темир жол калыбына келтирилип, Сүлүктү рудничинде эни кууш алгачкы темир жол салынып, Жалал-Абад — Кок-Жаңгак жолу курулган. Отун о. ж-нын эски ишканаларын кеңейтип, жаңыларын салуу үчүн Совет өкмөтү 1925-жылдан 1928-жылга чейин 2,9 млн сом каражат бөлгөн. Кыргыз ССРинин эл чарбасын оңуктүрүүнүн биринчи беш жылдык планы б-ча көмүр о. ж-на 17,7 млн сом жумшалган. Таш-Көмүр, Алмалык, Жыргаланда жаңы шахталар ишке киргизилип, башка көмүр шахталарын реконструкциялоо ж-а жаңы техника м-н жабдуу башталган. 1940-ж. көмүр казып алуу 1913-жылга салыштырганда 17 эсе көбөйүп, отун о. ж. ишканаларын техника м-н жабдуу бир кыйла күчөгөн. Көмүр шахталары учурдагы жабдуулар (тазалоочу ж-а өткөөл комбайндары, көмүр жүктөөчү машиналар) м-н камсыз кылынган. Жер астындагы горизонталдуу казынды көмүрдү ташуу үчүн электровоздор ж-а механизмдер колдонулуп, шахтёрлордун жумушу жеңилдетилген. Көмүр казып алуунун негизги процесстери (уратуу, жеткирүү, транспорттоо, о. эле көмүрдү шахтадагы темир жол вагондоруна жүктөө) механикалаштырылган.



Кызыл-Кыя көмүр карьери.

Революцияга чейин Кок-Жаңгак шахтасында көмүр казуу.




Улуу Ата Мек. согуш жылдары респ-канын отун белендөөчү ишканалары калкты, О. Азияны, бир аз Казакстандын согуш өндүрүшүн отун м-н камсыз кылып турган.

Согуштан кийинки мезгилде отун о. ж. тез өсүп, о. ж. өндүрүшүндө анын көлөмү көбөйүдө. 70-жылдарда көмүр о. ж-нда жылына 4,5 млн *т* бере турган 10 шахта ж-а 2 разрез иштеген. Адистердин эсеби б-ча респканын иштеп жаткан шахталарынын ж-а карьерлеринин көмүр запасы азыркы казып алуу деңгээли м-н иштегенде 100 жылдан ашуун мезгилге жетмекчи. Респ-кадагы 8 көмүр кенинин алтоо түштүктө, алар казып алынган көмүрдүн 95%ин берет; экоо Ысык-Көл обл-нда.

1960-жылдан респ-када көмүр казып алуу ачык ыкма м-н да жүргүзүлө баштап, 1981-ж. анын көлөмү жалпы казылып алынган көмүрдүн 55%ин түзүп, 1960-жылга салыштырганда 5,5 эсе көбөйгөн. 1955-жылдан көмүр комбайндары ишке киргизиле баштаган. Комбайн м-н көмүр казуу бардык алынган көмүрдүн 18—20%ин түзөт. 1962-жылдан шахталарда жогорку өндүрүмдүү кууш кармоочтуу көмүр комбайндары ж-а комплекстер колдонула баштаган. Аларды пайдалануу шахтанын тобосун бекитүү, жондон туруу, башкы конвейерди ажыратпай которуштуруу сыяктуу өндүрүш процесстерин механикалаштырууга мүмкүнчүлүк берген. О. Азияда негизги өндүрүш процесстерин комплекстүү механикалаштыруу 1962-ж. Таш-Көмүр кен башкармасындагы «Северная» шахтасында тажартуу жумушунда алгач колдонулган.

Респ-канын шахталарында көмүр кабаттарынын үчтөн бир болүгүнүн жантаюу бурчу тик болгондуктан



көмүрдү казып алууну автоматташтыруу ж-а механикалаштыруу бир кыйла кыйын. Бул жерде көмүр казып алууда тоо-геология шартына туура келүүчү тосмо система колдонулат. Горизонталдуу казылды б-ча жер астындагы транспорттун негизги түрү — рельстүү транспорт. Көмүр ташуучу жакшыртуу чараларынын бири — электровоздон тасмалуу конвейер м-н ташууга өтүү. Натыйжада азыркы кезде жер астынан казылып алынган көмүрдүн 25% тасмалуу конвейер м-н ташылат. Бул ыкма Кызыл-Кыя кен башкармасынын шахталарынын бардыгында, Сүлүктү м-н Таш-Көмүрдүн кээ бир шахталарында кеңири колдонулууда.

Нефть ж-а газ ө. ж. ишканаларында нефть алуунун натыйжалуу методу киргизилген (скважиналарды өзүнчө бургулоо ж-а айкалыштырылган турбина-роторлуу ыкма м-н бургулоо, жантайыңкы-багытталма скважиналарды бургулоо ж. б.). Нефть скважиналарынын ишин диспетчердик система контролдойт. 1961-жылдан нефть скважиналарында нефтини жасалма фонтандоо жолу м-н алуучу газ-лифтилүү ыкма пайдаланылат. Нефть ж-а газды чалгындап бургулоо чойросу кеңейтилүүдө.

А. Иманбеков

ЭЛЕКТР ЭНЕРГЕТИКАСЫ

Рев-яга чейин Кыргызстанда ө. ж. тармагы катары электр энергетикасы да жокко эсе болгон. Бар болгону 1913—14-жылдарда анча чоң эмес 5 электр станциясы гана иштеген. Алардын жалпы кубаттуулугу 265 *квт* болуп, анын 121и Кызыл-Кыя рудничинин жылуулук станциясынан, 120сы Ош ш-ндагы кубатсыз 2 ГЭСтен, 16,5 *квт* Пишпек ш-ндагы дизелдүү электр станциясынан (ДЭС), 7,5и Каракол ш-ндагы ДЭСтен алынган. 1920-ж. кабыл алынган лениндик — ГОЭЛРО планы О. Азия респ-каларынын энергетикасын оркүндөтүүдө чоң роль ойногон. Ал планда Кыргызстанда гидравликалуу жылуулук электр станцияларын куруу каралган эле. Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийинки эң биринчи электр станциясы — анча чоң эмес Сүлүктү ДЭСи 1920-ж. курулуп, анын кубаттуулугу 76 *квт* болгон. 1929-ж. кубаттуулугу 410 *квт* Кичи Аламүдүн ГЭСинин (ал мезгилдеги эң ири ГЭС) курулушу аяктаган. Бардыгы болуп Кыргызстанда биринчи беш жылдыктын башталышында жалпы кубаттуулугу 541 *квт* 12 электр станциясы курулган. Биринчи беш жылдыкта электр энергетикасынын өнүгүшүндө зор ийгиликтер болгон. Ал жылдарда Сүлүктү, Кок-Жангак, Чаңгыр-Таш, Таш-Көмүр, Кадамжай, Ак-Түз руднигиндеги, Кант ж-а Токмок кант з-ддорундагы, Ош жибек түрүү фабрикасындагы ж-а Фрунзе, Жалал-Абад, Токмок, Нарын, Өзгөн ш-ларындагы электр станциялары энергетика курулуштарынын негизги объектилеринен болгон. 1923-жылдан электр энергиясы көчөлөрдү жарык кылууга (Кызыл-Кыя рудничинде), 1930-жылдан а. ч-да пайдаланыла баштаган. 1931-ж. Фрунзе 1-ДЭС ж-а Кичи Аламүдүн ГЭСтери бириктирилип, катарлап иштөөчү биринчи энергия системасына негиз салынат. 1940-ж. Кыргызстандын бардык электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 19,6 миң *квтка* жетип, 51,6 млн *квт·с* электр энергиясы иштеп чыгарылып, 12,6 млн *квт·с* электр энергиясы Өзбекстандан алынган. Бул энергиянын 72,3%ин ө. ж., курулуш ишканалары, 19,3%ин коммуналык-тиричилик сектору ж-а транспорт, 3,4%ин а. ч-сы керектеген.

Кыргызстанда электр энергиясын өнүктүрүү б-ча лениндик планды турмушка ашырууда өлкөбүздөгү орус ж. б. элдердин жардамы тийген. Боордош респ-калар жабдууларды ж-а адис-энергетиктерди жиберип, жерг. кадрларды даярдоого да жардам беришкен. 1933-ж. Ленинграддын эмгекчилери Кыргызстанды шефке алышкан. Улуу Ата Мек. согуш мезгилиндеги оор жылдарда респ-канын энергетика курулушундагы негизги объект Аламүдүн каскады болгон. Ал каскаддагы Лебединовка ГЭСинин курулушу 1942-ж. башталып, өз учурундагы эң кубаттуу (4200 *квт*) ГЭС болгон. Андан кийинки жылдарда (1945—58) Чоң Чүй каналынын боюна жалпы кубаттуулугу 21,780 *квт* 6 ГЭС курулган.

Ири электр станцияларын куруу, жог. чыңалуудагы электр линиясын (ЛЭП) кеңейтүү, энергетика системаларын түзүү жолу б-ча борборлоштурулган электр м-н жабдууга өтүү Кыргызстандын энергетикасынын өнүгүшүндөгү маанилүү учур болгон. Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүнүн 7 жылдык планында белгиленген эң ири электр станциялары — Фрунзе жылуулук электр борбору (ТЭЦ, кубаттуулугу 702 миң *квт*), Үч-Коргон ГЭСи (180 миң *квт*), Ош ш-ндагы ТЭЦ (50 миң *квт*) ж-а Ат-Башы ГЭСи (40 миң *квт*) курулуп, ишке киргизилген. 1962-ж. Совет өкмөтү Кыргызстанда кубаттуулугу 1200 миң *квт* эң ири Токтогул ГЭСин куруу ж-дөгү чечим кабыл алган.

Ири электр станцияларын ишке киргизүү чыңалуусу 35,110 ж-а 220 ЛЭПтерди куруу жолу аркылуу системалуу ж-а система аралык байланыш кото оскон. 1979-ж. Токтогул ГЭСи — Фрунзе электр линиясынын (500 *квт*) ишке киргизилиши м-н респ-канын түштүгүндөгү ж-а түндүгүндөгү энергия системалары бириктирилип, бирдиктүү О. Азия энергия системасы түзүлдү. Жакынкы жылдарда респ-канын электр энергетикасынын өсүшү негизинен Нарын д-нын бай гидроэнергетика ресурсун өздөштүрүү жолу м-н ишке ашырылат. Каракече көмүр кени м-н иштей турган ТЭЦтин курулушу да перспективалуу.

Гидроэнергетика. Кыргызстандын энергетикасынын жалпы балансында гидроэнергетиканын басымдуу болушу гидроэнергетика ресурстарын (ГЭР) көптүгүнө байланыштуу. Анын жалпы гидроэнергетикалык потенциалы 135,3 млрд *квт·с*, техникалык потенциалы 73 млрд *квт·с*, экон. потенциалы 48 млрд *квт·с*, акыркы эки көрсөткүч б-ча Кыргызстан Советтер Союзунда РСФСР м-н Тажикстандан кийин 3-орунду ээлейт. ГЭРдин маанилүү экон. өзгочолугу алардын ар дайым кайталаныш, жаңырыш тургандыгында, ал кийинки көшүмча капиталдык салымды талап кылбайт, натыйжада ГЭС иштеп чыгарган электр энергиясы жылуулук электр станциясы иштеп чыгарган электр энергиясынан бир канча эсе арзанга түшөт. ГЭРдин мол запасы ж-а алардын Кыргызстандын аймагында бир калыпта таралышы респ-канын гидроэнергетикасынын өсүшүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Анын негизги запасы Нарын, Чүй, Талас, Чаткал д-ларынын алабында топтолгон.

Рев-яга чейин Кыргызстанда бар болгону жалпы кубаттуулугу 120 *квт* 2 чакан ГЭС Ошто курулган.

Гидроэнергетикалык ресурстарды изилдөө ж-а аларды тажрыйбада пайдалануу б-ча эч ким иштеген эмес. 1910-ж. гана В. А. Васильев, 1913-ж. И. Г. Александров башкарган чакан 2 экспедиция Чүй, Нарын д-ларына изилдөө жүргүзгөн. 1920-ж. кабыл алынган лениндик ГОЭЛРО планында О. Азия «пайдалануага жеңил жана арзан суу энергиясына бай», ошондуктан ал ирригация максаты м-н бир катар электр энергиясынын негизги булагы боло алат деп көрсөтүлгөн. ГОЭЛРО планы б-ча Кыргызстанда Үч-Коргон, Аламүдүн, Ат-Башы, Жел-Арык, Сох сыяктуу бир катар ГЭС курулуштары белгиленген.

Совет бийлиги орногондон кийинки биринчи ГЭС — Кичи Аламүдүн ГЭСи 1929-ж. курулуп, кубаттуулугу 410 *квт* болгон. О. Азия респ-каларын электрлештирүүнүн генералдык схемасын ж-а ГЭРдин биринчи эсептөөлөрүн профессорлор М. Я. Громов, И. Г. Александров жүргүзгөн. Алардын материалдары 1931-ж. Ташкенде өткөн О. Азия энергетиктеринин 1-съездинде каралган. 1928-, 1932-, 1934-жылдары Кыргызстанга ГЭРди изилдөө үчүн бир катар экспедициялар келип, алардын иштеринин жыйынтыктары Кыргызстандын өндүрүчү күчтөрүн изилдөө б-ча 1933-, 1935-жылдарда Ленинград м-н Москвада өткөрүлгөн 1-, 2-конф-яларда каралган. Конф-яның резолюцияларында ГЭРдин мол запасы бар экендиги ж-а биринчи иретте, ГЭС куруу мүмкүнчүлүгү белгиленген. Кийинки жылдарда ГЭРди изилдөө маселесин ж-а аларды Кыргызстандын эл чарбасында комплекстүү пайдалануу жолун, о. эле ГЭСтин долбоорун түзүүнү «Гидроэнергопроект» ин-тунун О. Азия болүмү (САОГИДЭП) иштеп чыккан.

Кыргызстанда 1-беш жылдыкта негизинен анча чоң эмес, көбүнчө айылдык ГЭСтер курулуп, алар «Френсис», кийинчерээк «Банки» системаларындагы гидротурбина м-н жабдылган. 1939-ж. Фрунзе механика з-ду аз кубаттуу турбина чыгарууну өздөштүргөн. Респ-канын гидроэнергетикасынын өсүшүндө Аламүдүн ГЭС каскаддарынын курулушу (1943—58) өтө маанилүү этап болгон. Кыргыз ССР ИАнын Энергетика ж-а суу чарба ин-ту ГЭРди изилдөө, аны пайдалануу б-ча зор иштерди жүргүзгөн. Натыйжада Чоң Нарын проблемасы сунуш кылынып, жалпы кубаттуулугу 7 млн *квтка* жакын 22 ГЭС куруу пландаштырылган. 1962-ж. кубаттуулугу 180 миң *квт* Үч-Коргон ГЭСи толук курулуп бүтүп, иштей баштаган. Кубаттуулугу 40 миң *квт* Ат-Башы ГЭСинин курулушу 1971-ж. бүтүп, кубаттуулугу 1200 миң *квт* болгон Токтогул ГЭСи 1976-ж. иштей баштаган. Кубаттуулугу 800 миң *квт* Күрп-Сай ГЭСи курулуп бүттү. Анын ишке киргизилишинен Кыргызстандын бардык ГЭСинин жалпы кубаттуулугу бүткүл электр станцияларын кубаттуулугунун 71,0%ине шашты. Нарын д-на Таш-Көмүр, 2 Камбар-Ата ж-а экинчи Үч-Коргон (Шамалды-Сай) ГЭСи курула баштады.

Ю. П. Беляков, К. Рахимов

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ

Кыргыз ССРинин экономикасында жерг. ө. ж-ның мааниси чоң. Рев-яга чейинки жекече устаканалардын ордунда ө. ж. ишканалары пайда болду. Респ-канын а. ч-сынын жетишкен ийгиликтери жерг. сырьёдон буюм даярдоочу ишканаларды куруунун негиз түзгөн. 1928-жылдан 1940-жылга чейинки мезгилде жерг. ө. ж-дын тармак б-ча чыгарган продукциясы төмөнкүчө көбөйгөн: текстиль 6,4, тигүү 7,6, булгаары-мех ж-а бут кийим 3,4 эсе.

Улуу Ата Мек. согуш жылдары жерг. ө. ж. Кызыл Армиянын жоокерлерине жылуу кийим (кийиз отук, чолок тон, ич кийим) чыгарууну көбөйткөн. Металл иштетүүчү устаканаларда курал-жарак тетиктери даярдалган. 1957-ж. жерг. ө. ж. кайрадан түзүлүп, анын ири ишканалары Эл чарба советинин карамагына өткөн. Аны башкаруу жерг. советке жүктөлгөн. 1960-ж. промысел кооперациялары жоюлгандан кийин анын бир топ ишканасы жерг. ө. ж-дын карамагына берилген. 1965-ж. респ-када жерг. ө. ж. министерствосу түзүлгөн. Анын составына жылына 22 млн сом продукция чыгара турган (1967-ж. 1-июлдагы баа б-ча) 10 ишкана кирген. 1970-ж. министерствонун составында 25 ишкана иштеп, бир бөлүгү жылдыкта чыгарган продукциясы 1,7 эсе оскон. Алардын катарына тогузунчу бөлүк жылдыкта 5 ишкана: электр-техникалык өлөнчүк заводу, Ош эл дик көркөм промысел биримеси, Кадамжай тигүү ф-касы ж. б. кошулган.

Респ-канын жерг. ө. ж. көп тармактуу. 1975-ж. чыгарылган дүң продукциянын 47% жеңил, 13% химия, 12,6% металл иштетүү, 11,6% жыгач ө. ж-ның продукциялары. Тогузунчу бөлүк жылдыкта продукция чыгарууну өсүшү эң жог. темпке жетип, металл иште-



Фрунзе айнек з-дунан чыккан буюмдар.

түү 2,6, жыгач о. ж. 1,98, жеңил о. ж. 1,57, тамак-аш 2, көркөм промысел буюмдары ж-а сувенир 2 эсе көбөйгөн. Беш жылдыкта тигилүү буюм 2, текстиль галантереясы 1,46, мебель 1,5, коргошун м-н чайкатылган идиш 1,7, химиялык товар 1,5, оюнчук 2,3 эсе көп чыгарылган. Маданий-тиричилик ж-а чарб. товарларды чыгаруу 5 эседен да ашып кеткен.


Респ-када өндүрүш таштандысы м-н жерг. сырьёну табуута, аларды пайдаланууга көп көңүл бурулууда. 1975-ж. жерг. сырьёдон ж-а таштандыдан жасалган продукция жалпы чыгарылган продукциянын 8,9%ин түзгөн. Ал материалдардан 1200 паамдагы буюм даярдалат. Жерг. о. ж. министерствосунун составында 29 ишкана иштейт. Алар — Фрунзе химия з-ду (боёк, лак, олиф, тиричилик-химия товарлары), Фрунзе пластмасса буюмдар з-ду (чарб. буюмдар, спорт товарлары, фурнитура, оюнчуктар), Калинин электр-техникалык оюнчук з-ду (оюнчуктар, үй-тиричилик буюмдары), Токмок кийиз ф-касы (кийиз отук, кийиз, боз үй), Аламүдүн мех ондуруштук бирикмеси (мехтерди ийлөө, тон ж-а мех буюмдар тигүү, улуттук бут кийим, күгүү, жаздык), Фрунзе элдик көркөм «Кыял» бирикмеси (сувенирлер, тери, чий, металл, жыгач буюмдар, жумшак оюнчуктар, чегелөө ж. б.), Фрунзе айнек з-ду, Сосновка токулбаган материалдар ф-касы. Жерг. о. ж-дын 18 ишканасында санатты комплекстүү башкаруу системасы колдонулуп, жайылтылууда. Онунчу беш жылдыкта өндүрүштүн жалпы көлөмү 33%ке өскөн. Респ-канын жерг. о. ж. ишканалары 22-Олимпиаданын катышуучуларына ж-а Олимпиадага келген меймандарга арналган сувенирлердин жаңы түрлөрүн чыгарды. Олимпиада символу (белги) коюлган 22 паамдагы буюмдарга сов. ж-а чет элдик сатып алуучулар жакшы баа беришкен. Онунчу беш жылдыкта жерг. о. ж-дын өсүшү томондогү көрсөткүчтөр м-н мүнөздөлөт: дүң продукция чыгаруу 1975-жылга салыштырганда 33,4%ке өсүп, а. и. калк керектөөчү товарлар 25,5%ке, маданий-тиричилик ж-а чарб. керектөө товарлары 41,6%ке көбөйгөн. О. эле ийгиликтерге башка тармактар да жетишкен: машина куруу ж-а металл иштетүү (60%), айнек (54%) ж. б. о. ж. тармактары (көркөм промысел ж-а заказ м-н үйдө иштетүү комбинаты 65%). Жерг. о. ж. министерствосунун ишканалары чыгарган продукциялар СССРдин 400 базасы аркылуу таркатылып, 10 союздан респ-кага жиберилип турат. Жерг. о. ж. ишканалары көэ бир чет элдик фирмалар м-н да кызматташууда — Турция, Афганстан, Франция м-н Фрунзе айнек з-ду, Улуу Британия м-н Фрунзе пластмасса буюмдар з-ду; элдик көркөм «Кыял» бирикмеси өзү чыгарган буюмдарын дүйнөнүн 18 өлкөсүнө экспорттойт; ал эл аралык көргөзмөлөр м-н ярмаркаларга катышкан (1974, Сирия; 1975, Турция; 1976, Алжир; 1977, Лейпциг; 1978, Ирак; 1979, Чехословакия). Бирикменин буюмдары бир нече жолу алтын ж-а күмүш медалын алган.

М. Конурбаев

ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫ

Респ-канын жеңил о. ж. бир топ тармакты бириктирип, үч ири топко: текстиль ж-а тигүү, булгаары-бут кийим ж-а мех чыгарууга болунот. 1981-ж. респ-канын бардык о. ж-ндагы өндүрүш персоналынын 24%, дүң продукциянын 30% жеңил о. ж-на туура келген. Респканын бардык о. ж-нын ичинен ал дүң продукциясынын көлөмү б-ча 1-орунду ээлейт. Окт. рев-ясына чейин Кыргызстандын аймагында а. ч. сырьёсун алгач белендөөчү бир нече гана жонокой жеке менчик ишкана — жүн жуучуч ж-а пахта тазалоочу пункттар иштеген. Согушка чейинки беш жылдыктарда жерг. а. ч. сырьёсунун базасында жеңил о. ж. тармагы түзүлүп, тез өнүгө баштаган. 1928-жылдан 1940-жылга чейин жеңил о. ж-нын 15 ири ишканасы курулуп, ишке киргизилген: 3 пахта тазалоочу завод, 6 кендир даярдоочу завод, жибек түрүүчү, ийрүү-токуу, тигүү ж-а бут кийим фабрикалары, 2 булгаары заводу болуп, жеңил о. ж-дын дүң продукциясынын көлөмү 5,9 эсе өскөн. 1940-ж. аның ишканаларында 27,9 миң *т* кебез, 84 *т* жибек сырьёсу, 322 миң жүн байпак, 97 миң даана трикотаж ич кийим, 65 миң даана трикотаж сырт кийим, 181 миң жүн булгаары бут кийим чыгарылган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде респ-канын жеңил о. ж. эвакуацияланып келген ишканалардын эсебинен кеңейип, алардын базасында Фрунзе трикотаж ф-касы, Пржевальск, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад шаарларында бут кийим фабрикалары курулган. Ал жылдарда ишканалардын саны 16дан 29га көбөйүп, өндүрүштүн кубаттуулугу өскөн. Согуштан кийинки жылдарда жеңил о. ж. ишканалары реконструкцияланып, оркүндөтүлгөн технологиялык процесстер, автоматтык жабдуулар оздоштурулган. 1960-ж. бул тармактын дүң продукциясы 1940-жылдагы деңгээлден 5,2 эсе көбөйүп, а. и. пахта тазалоо 1,9 эсе, текстиль 3,7 эсе, жибек 53 эсе, бут кийим, мех, булгаары 5,2 эсе, тигүү о. ж. 10,1 эсе көбөйгөн. Өндүрүш кубаттуулугу мурдатан иштеп жаткан ишканаларды реконструкциялоо, кеңейтүү ж-а жаңыларын куруу эсебинен, о. эле эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу ж-а сырьёну туура пайдалануу эсебинен да арбыган. Тармактата түзүлүшү да озгортулгон. Даяр продукция (жибек, кыл торко, трикотаж, тигилүү кийим, бут кийим) чыгаруучу тармакты остүрүүнүн эсебинен сырьё тармагынын (пахта тазалоо, кендир, булгаары) салыштырма көлөмү азайган. Жеңил о. ж. 60-жылдарда кыйла өнүккөн. 1963-ж. Фрунзе ш-нда Кыргызстан камволпооту комбинаты иштей баштаган. Аның кубаттуулугу жылына 11 млн $м^2$ кыл торко кездеме, 6,3 миң *т* жип ж-а 3,6 миң *т* камвол жип даярдоого ылайыкталган. Булгаары заводдору, трикотаж фабрикалары реконструкцияланып, кеңейтилип, бут кийим ж-а 2 тигүү фабрикасы пайдалануура берилген. Тармактын негизги өндүрүш фондусу 1965-жылдын аягында 1960-жылга салыштырганда 2 эсеге жакын өскөн. Натыйжада эмгектин фонд м-н жабдылышы 42% жогорулаган. 8-беш жылдыкта Ош кебез өндүрүш бирикмеси, Токмок жүн ылгоо ф-касы, «Чолпон» бут кийим фирмасынын (1974-ж. ноябрдан — Фрунзе бут кийим өндүрүш бирикмеси) Жалал-Абад ш. м-н Жаңы-Жер кыштагындагы жаңы имараттар, Кызыл-Кыядагы бут кийим ф-касы, Васильевский трикотаж ф-касы иштей баштаган. Кездеме чыга-

ТУРИСТТИК КАРТА



Туристтик маршруттар жана алардын номерлери

С Туризм жана экскурсия б-ча советтер

Б Саякат жана экскурсия бюросу

Туристтик базалар

Алпинисттик лагерлер

Көл сандаган кызыктуу жерлер

Тарыхый революциялык эстеликтер

Унутулгус жерлер

Белгилүү адамдардын жашоосуна жана ишмердигине байланышкан жерлер

Белгилүү адамдардын эстелиги

Улуу Ата Мекендик (1941-1945 жж.) согушта курман болгон жоокерлердин эстеликтери

Музейлер

Архитектуралык эстеликтер

Турак жерлер

Шаарчалар жана чептер

Жаратылыштын кызыктуу жерлери

Курорттор

Пристандар

БУТКҮЛ СОЮЗДУК ТУРИСТТИК МАРШРУТТАР

№69 (020-69-01) КЫРГЫЗСТАН Ж-А КАЗАКСТАН БОЮНЧА

Фрунзедеги „Саякат" туристтик мейманканасы, Казакстан (Ысык-Көл) турбазасында 5 күн, „Кеген" түнөгүндө 10 күн, Алматыдагы „Алатау" туристтик мейманканасында 5 күн. Автобус менен пункттардын ортосунда көчүү. Мөөнөтү 21 күн. Мезгили: май-сентябрь.

№438 (400-69-07) ОРТО АЗИЯДАН-КАЗАКСТАНГА

Ташкендеги „Саёхат" туристтик мейманканасы Чымкент, „Турист" туристтик мейманканасында 4 күн. Жамбыл мейманканасында 4 күн. Фрунзеэеги „Саякат" мейманканасында 4 күн. Алматыдагы „Алатау" туристтик мейманканасында 4 күн: Пункттар ортосунда көчүү (автобус менен). Мөөнөтү 20 күн. Мезгили: апрель-май.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАРШРУТТАР

№1015 (021-60-01) ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН КОРУК ЖЕРЛЕРИ МЕНЕН

„Ош" турбазасында 2 күн; „Сары-Челек" турбазасында 6 күн; „Арстанбап" турбазасында 6 күн; „Ош" турбазасында 1 күн. Пункттар арасында көчүү (автобус менен). Мөөнөтү 15 күн. Мезгили: июнь-сентябрь.

№020 (021-60-06) „САРЫ ЧЕЛЕК" КОРУГУНА КАРАЙ

Ош шаарындагы „Ош" турбазасында 2 күн; „Сары-Челек" турбазасында 9 күн; Ош турбазасында 1 күн. Пункттар арасында көчүү (автобус менен). Мөөнөтү -12 күн. Мезгили: июнь-сентябрь.

ФРУНЗЕ. Кыр
Фрунзе Кыргы
бору болуп ка
илимдер акаде
Советтик парт
зенин (1885-1
АНАНЬЕВ. М
курман болгон
дин Родинасы.
Мекендик согу
эстелиги.
АРАВАН. В.
Социалисттик
дик согушта к
БАТКЕН. В.
болгон советт
ГУЛЧӨ. К
эстелик. Басм
ЖАЛАЛ-АБА
А.С.Пушкинди
жана 1918-192
ланыштуу темк
Басмачылар м
ряддарынын б
болгон шаарды
дыгыным урма
ЭРКЕЧ-ТАМ
болгон чек ар
1920-ж. январ

ЖОЛ КАТНАШТАРЫ


Кан-Тоо
Талды-Коргон
Пантелеев
Сузак
Чолок-Коргон
Жанатас
Сары-Барак
Бирлик
Отор
Кордой
Калчымад суу с.
Ушунай
Кенселен
АЛМАТЫ
Сети
Коген
Нарынкол
Кара-Тоо
Бийлик
Чалдовар
Жамбыл-Колхоз
Арыс
Бурный
Майлы
Кирово
Кирово-суу с.
Ленинполь
Таласс
Чимкент
Ленгер
Ак-Суу
Келес
Пскем
Чаткал
Чарвак
Сары-Жыл
Хожикент
Чирчик
ТАШКЕНТ
Той-Тобе
Ангрен
Алмалык
Бука
Ахангаран
Ахангаран
Нарын
Кара-Дарья
Сыр-Дарья
Ахт
Бостон
Шахрихан
Аннжан
Каирак-Кум суу с.
Ленинабад
Маргелан
Ферганская
Ташкан
Фергана
Ош
Арсланбоб
Наукат
Кызыл-Кыя
Жаны-Ноокат
Гульча
Чадырлык ашуусу
2406
Сопу-Коргон
Кара-Кабак
Сары-Таш
Кара-Мык
Кара-Кол
Кызыларт ашуусу
4280
Жерге-Тал
Наманган
Пап
Калачхум
Нурек Суу с.
Нильван АФГАНИСТАН 71°
Хорог
Чаек
Кызыл-Ой
Токтогул суу с.
Токтогул
Тогуз
Нарын
Кара-Кол
Таш-Комур
Майлы-Сай
Ч. Коргон
Кара-Ата
Ленин-Жол
Кок-Жийде
Жаңы-Жол
Кок-Жангак
Кара-Суу
Мырза-Ак
Кара-Куджа
Ой-Тал
Кызыл-Кыя
Сары-Булак
Кош-Дебе
Арпа
Узун-Булак
Сары-Булак
Жер-Кечку
Долон ашуусу
3030
Соцкой
Достук
Нарын
Ворошилов атын.
Ат-Башы
Босого
Уятыр-Таш
Ак-Сай
Ак-Суу
Табышкан-Дарья (Кызыл-Ой)
Ачал
Пычан
Гёзарык
Жаңы-Гисар
Кара-Кол
Кайрагач
Рават
Кызыл-Суу
Орто-Токой
Кемин
Чолпон-Ата
Рыбачье
Чолпан-Ата
Бороу
Ак-Тума
Ананьево
Кутурлуу
Тюп
Кызыл-Суу
Прибрежное
Пристань
Покровка
Ак-Тума
Жети-Суу
Каракол
Барскон
Ананьево
Джаркент
Ак-Шыйрак
Эмгечак
Сары-Жаз
Арчалы
Бурган
Наркы
Каракол
Кара-Сай
Шиитпек
Чарын
Ак-Суу
Дюйма
Дюйма
Ш Ы С К К О Л
Ы
Т А
Ж Ы
К
С С Р
Ш Ы
Ы
Ж
Ы
Ш
Ы
Ы
Ы



ЭСКИ-НООКАТ. В.И.Лениндин эстелиги. С.М.Кировдун эстелиги. Басмачылар менен болгон күрөштө курман болгон кызыл аскерлердин бир боордош мүрзөсүнө орнотулган обелиск

ИСФАНА. В.И.Лениндин эстелиги.Советтер Союзунун баатыры С.Садыковко (1922-1945-жж.);Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге арналган эстеликтер Исфана шаарчасы (IX-XVI кк.)

КАРАВАН(Жаңы-Жол р-ну) В.И.Лениндин эстелиги.Басмачылар менен болгон күрөштө курман болгон баатырлардын боордош мүрзөсүнө орнотулган обелиск Кызыл командир А.Осмонбековдун мүрзөсүнө коюлган эстелик.Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлердин эстелиги

КАРАВАН. (Ноокат р-ну) В.И.Лениндин эстелиги.Айылдык Советтин председатели,Кыргыз АССР БАКнин мүчөсү, социализмди курууну активдүү катышуучусу, 1934-ж. 21-февралында басмачылар жыртыкчытык м-н өлтүргөн Уркуя Салиевага; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлерге эстеликтер.

КАРА-КУЛЖА. В.И.Лениндин эстелиги.К.Е.Ворошиловго; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстеликтер

КӨК-ЖАҢГАК. К.Маркстын, В.И.Лениндин эстеликтери.Басмачылар менен күрөштө курман болгон баатыр кызыл аскер Бокаевдин эстелиги.Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда курман болгон көк-жаңгактыктарга курулган обелиск

КЫЗЫЛ-КЫЯ. В.И.Лениндин эстелиги Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстелик

НАРЫН. Областтын администрациялык ж-а маданий борбору. Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн күрөшкө активдүү катышкан революционер-большевик Т.Жукеев,(А.А.Пудовкиндин 1882-1930-жж.) эстелиги Боордош мүрзөгө коюлган РКП (б)нын уездик комитетинин председатели Х.Мусабаевге;1920-ж.ноябрында ак гвардиячылар менен болгон күрөштө курман болгон, РКП (б)нин уездик саясий бюросунун мүчөсү -С.Орозбековго;1931-ж.басмачылар м-н болгон күрөштө өлтүрүлгөн чек арачыларга; чек ара аскерлеринин 50-жылдыгына карата курулган обелисктер. 1920-ж.ноябрында ак гвардиячыл козголоңчулардын талкаланган жери. Т.Жукеевдин мемориалдык музейи.

ОШ. Орто Азиянын байыркы шаарларынын бири (IX к.белгилүү). Областтын администрациялык ж-а маданий борбору Совет бийлигинин түшунда ири индустриалдуу шаарга айланды. В.И.Лениндин эстелиги, С.М.Киров, Т.Сатылганов ,А.Навоинин; 1919-ж. курман болгон граждандык согуштун баатыры, комсомолец В.Д.Голубевдин эстеликтери; ак гвардиячылар жана басмачылар м-н күрөштө курман болгон граждандык согуштун баатырлары жана чек арачыларга обелиск. Областтык край таануу музейи. XIII-XX кк.архитектуралык эстеликтер Алгачкы коомдо адамдар жашаган турак жайлар, асадагы сүрөттөр.

ПОКРОВКА. Советтер Союзунун баатыры-панфиловчу, Москвадагы коргоодо курман болгон Г.Е.Конкиндин (1911-1941 жж.) Родинасы. Баатырдын бюсту.

ПРЖЕВАЛЬСК. Областтын администрациялык жана маданий борбору.1919-ж.июлда ак гвардиячыл кулактардын козголоңунун талкаланган жери. В.И.Лениндин эстелиги. Чехословакиянын улуттук баатыры Юлиус Фучиктин эстелиги. Басмачылар менен күрөштө курман болгон чек арачылардын обелиски.Н.М.Пржевальскинин бюсту. Край таануу музейи.

ПРЖЕВАЛЬСК-ПРИСТАНЬ. Орус саякатчысы -географ Н.М.Пржевальскинин (1839-1888-жж.) мемориалдык комплекси:музейи,эстелиги жана мүрзөсү. 1941-ж.16 ноябрда Москванын астында курман болгон Советтер Союзунун баатыры,панфиловчу-Д.Шопоковдун эстелиги. Эки жолку Социалисттик Эмгектин баатыры Зуракан Кайназарованын бюсту.

СИДОРОВ АТН. 1927-ж.23 апрелинде СССРдин мамлекеттик чек араны коргоодо басмачылар м-н согушта курман болгон чек арачы баатырлар: А.Сидоров,Я.Бердников,В.Оханкин,И.Ватник, В.Свищевский, Н.Жуков,И.Шагандардын боордош мүрзөсүндөгү обелиск.

СУЛУКТУ. В.И.Лениндин эстелиги, С.М.Киров,Ф.Э.Дзержинский,М.И.Калинин, М.В.Ломоносовдорду; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон Советтик жоокерлерге эстелик, Ленин комсомолунун 50-жылдыгына арналган обелиск.

ТАЛАС. Областтын администрациялык жана маданий борбору. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон шаардык советтик жоокерлерге арналган обелиск.1918-ж.6-августунда кулактар козголоңунун талкаланган жери

ТОКТОГУЛ Кыргыз эл акыны Токтогул Сатылгановдун (1864-1933-жж.) Родинасы. Т.Сатылгановдун, Кыргызстандын акыны жана драматургу Жоомарт Бөкөнбаевдин (1910-1944-жж.);баатыр пулеметчик А.Н.Герасимовдун, Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда курман болгон советтик жоокерлердин эстеликтери.

ТҮП. Москванын коргоодо курман болгон панфиловчу, Советтер Союзунун баатыры Г.Е.Кайкиндин (1910-1941 жж.) Родинасы. Баатырдын - бюсту.

ӨЗГӨН. В.И.Лениндин эстелиги,1930-ж. басмачылар менен күрөштө курман болгон отряд командири Н.В.Волковго;Совет бийлиги үчүн курман болгон комсомолецтерге, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстелик 1920-ж.январында басмачылардын талкаланган жери. XI-XII кк. архитектуралык эстеликтер.

ЧОЛПОН-АТА. Казак совет жазуучусу-М.О.Ауэзовдун (1897-1961-жж.) үй музейи,Ала-Тоо аллеясы, „Көгүлтүр Ысык-Көл" санаторийи. Чет жакалардагы аска таштагы жазуулар (б.э.ч.I миң ж.)

ЧОЛПОНБАЙ АТН. Улуу Ата мекендик согушта курман болгон (1942 ж.6 августа көкүрөгү менен душмандын дзотун тоскон), Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Тулебердиевдин Родинасы. Баатырдын бюсту. Ч.Тулебердиевдин үй-музейи.

- Туристтик маршруттар жана алардын номерлери
- С Туризм жана экскурсия б-ча советтер
- Б Саякат жана экскурсия бюросу
- Туристтик базалар
- Алпинисттик лагерлер
- Көл сандаган кызыктуу жерлер
- Тарыхый революциялык эстеликтер
- Унутулгус жерлер
- Белгилүү адамдардын жашоосуна жана ишмердигине байланышкан жерлер
- Белгилүү адамдардын эстелиги
- Улуу Ата Мекендик (1941-1945 жж.) согушта курман болгон жоокерлердин эстеликтери
- Музейлер
- Архитектуралык эстеликтер
- Турак жерлер
- Шаарчалар жана чептер
- Жаратылыштын кызыктуу жерлери
- Курорттор
- Пристандар

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ТУРИСТТИК МАРШРУТТАР

№69 (020-69-01) КЫРГЫЗСТАН Ж-А КАЗАКСТАН БОЮНЧА
Фрунзедеги „Саякат" туристтик мейманканасы,Казакстан (Ысык-Көл) турбазасында 5 күн.„Кеген" түнөгүндө 10 күн. Алматыдагы „Алатау" туристтик мейманканасында 5 күн.Автобус менен пункттардын ортосунда көчүү Мөөнөтү 21 күн.Мезгили: май-сентябрь.

№438 (400-69-07) ОРТО АЗИЯДАН-КАЗАКСТАНГА
Ташкендеги „Саёхат" туристтик мейманканасы Чымкент,„Турист" туристтик мейманканасында 4 күн. Жамбыл мейманканасында 4 күн. Фрунзеэеги „Саякат" мейманканасында 4 күн Алматыдагы „Алатау" туристтик мейманканасында 4 күн: Пункттар ортосунда көчүү (автобус менен). Мөөнөтү 20 күн.Мезгили:апрель-май.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАРШРУТТАР

№1015(021-60-01) ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН КОРУК ЖЕРЛЕРИ МЕНЕН
„Ош" турбазасында 2 күн;„Сары-Челек" турбазасында 6 күн;„Арстанбап" турбазасында 6 күн; „Ош" турбазасында 1 күн.
Пункттар арасында көчүү (автобус менен).
Мөөнөтү 15 күн.Мезгили: июнь-сентябрь.

№020 (021-60-06) „САРЫ ЧЕЛЕК" КОРУГУНА КАРАЙ
Ош шаарындагы „Ош" турбазасында 2 күн;„Сары-Челек" турбазасында 9 күн;Ош турбазасында 1 күн.
Пункттар арасында көчүү (автобус менен).
Мөөнөтү -12 күн. Мезгили: июнь-сентябрь.

ФРУНЗЕ. Кыргыз ССРинин борбору.Совет бийлигинин жылдарында Фрунзе Кыргызстандын ири экономикалык ,илимий жана маданий борбору болуп калды. Шаарда Кыргыз мамлекеттик университети,Кыргыз илимдер академиясы жана бир катар илим изилдөө институттар бар. Советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер, полководец М.В.Фрунзенин (1885-1925-жж.) Родинасы.

АНАНЬЕВ. Москваны немецтик-фашисттик баскынчылардан коргоодо курман болгон панфиловчу, Советтер Союзунун баатыры Н.Я.Ананьевдин Родинасы. Баатырдын бюсту. Н.Я.Ананьевдин музей үйү. Улуу Ата Мекендик согушта, Москваны коргоодо курман болгон жоокерлердин эстелиги.

АРАВАН. В.И.Лениндин эстелиги. С.М.Кировдун эстелиги. Эки жолку Социалисттик эмгектин баатыры А.Анаровдун эстелиги.Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон айылдаштарга обелиск.

БАТКЕН. В.И.Лениндин эстелиги.Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге обелиск. Ак-Таш аска жазуусу.

ГУЛЧӨ. Кызмат өтөө мезгилинде курман болгон чек арачыларга эстелик. Басмачылар талкаланган жер,1920-ж.январь.

ЖАЛАЛ-АБАД. В.И.Лениндин эстелиги. С.М.Киров, Ф.Э.Дзержинский, А.С.Пушкиндин эстеликтери.1920-ж.М.Ф.Фрунзенин келишин эскерүүгө Басмачылар менен күрөштө курман болгон ыктыярдуу жоокерлер отряддарынын боордош мүрзөсүнө; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон шаардык жоокерлерге-обелисктер. Совет бийлигинин 50 жылдыгынын урматына монумент.„Мундуу эне"эстелиги. Курорт.

ЭРКЕЧ-ТАМ. СССРдин мамлекеттик чек арасын коргоодо курман болгон чек арачыларга арналган обелиск. Басмачылар талкаланган жер, 1920-ж. январь.



ЭСКИ-НООКАТ. В.И.Лениндин эстелиги. С.М.Кировдун эстелиги. Басмачылар менен болгон күрөштө курман болгон кызыл аскерлердин бир боордош мүрзөсүнө орнотулган обелиск

ИСФАНА. В.И.Лениндин эстелиги.Советтер Союзунун баатыры С.Садыковко (1922-1945-жж.); Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге арналган эстеликтер Исфана шаарчасы (IX-XVI кк.)

КАРАВАН(Жаңы-Жол р-ну) В.И.Лениндин эстелиги.Басмачылар менен болгон күрөштө курман болгон баатырлардын боордош мүрзөсүнө орнотулган обелиск Кызыл командир А.Осмонбековдун мүрзөсүнө коюлган эстелик,Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлердин эстелиги

КАРАВАН. (Ноокат р-ну) В.И.Лениндин эстелиги.Айылдык Советтин председатели,Кыргыз АССР БАКнин мүчөсү, социализмди куруунун активдүү катышуучусу, 1934-ж. 21-февралында басмачылар жырткычтык м-н өлтүргөн Уркуя Салиевага; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлерге эстеликтер.

КАРА-КУЛЖА. В.И.Лениндин эстелиги.К.Е.Ворошиловго; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстеликтер

КӨК-ЖАҢГАК. К.Маркстын, В.И.Лениндин эстеликтери.Басмачылар менен күрөштө курман болгон баатыр кызыл аскер Бокаевдин эстелиги.Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда курман болгон көк-жаңгактыктарга курулган обелиск

КЫЗЫЛ-КЫЯ. В.И.Лениндин эстелиги Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстелик

НАРЫН. Областтын администрациялык ж-а маданий борбору. Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн күрөшкө активдүү катышкан революционер-большевик Т.Жукеев,(А.А.Пудовкиндин 1882-1930-жж.) эстелиги Боордош мүрзөгө коюлган РКП (б)нын уезддик комитетинин председатели Х.Мусабаевге;1920-ж.ноябрында ак гвардиячылар менен болгон күрөштө курман болгон, РКП (б)нин уезддик саясий бюросунун мүчөсү -С.Орозбековго;1931-ж.басмачылар м-н болгон күрөштө өлтүрүлгөн чек арачыларга; чек ара аскерлеринин 50-жылдыгына карата курулган обелисктер. 1920-ж.ноябрында ак гвардиячыл козголоңчулардын талкаланган жери.Т.Жукеевдин мемориалдык музейи.

ОШ.Орто Азиянын байыркы шаарларынын бири (IX к.белгилүү).Областтын администрациялык ж-а маданий борбору Совет бийлигинин түшунда ири индустриалдуу шаарга айланды.В.И.Лениндин эстелиги, С.М.Киров,Т.Сатылганов ,А.Навоинин; 1919-ж. курман болгон граждандык согуштун баатыры, комсомолец В.Д.Голубевдин эстеликтери; ак гвардиячылар жана басмачылар м-н күрөштө курман болгон граждандык согуштун баатырлары жана чек арачыларга обелиск. Областтык край таануу музейи. XIII-XX кк.архитектуралык эстеликтер Алгачкы коомдо адамдар жашаган турак жайлар,аскадагы сүрөттөр.

ПОКРОВКА. Советтер Союзунун баатыры-панфиловчу, Москваны коргоодо курман болгон Г.Е.Конкиндин (1911-1941 жж.) Родинасы. Баатырдын бюсту.

ПРЖЕВАЛЬСК. Областтын администрациялык жана маданий борбору.1919-ж.июлда ак гвардиячыл-кулактардын козголоңунун талкаланган жери.В.И.Лениндин эстелиги. Чехословакиянын улуттук баатыры Юлиус Фучиктин эстелиги. Басмачылар менен күрөштө курман болгон чек арачылардын обелиски.Н.М. Пржевальскинин бюсту. Край таануу музейи.

ПРЖЕВАЛЬСК-ПРИСТАНЬ. Орус саякатчысы -географ Н.М.Пржевальскинин (1839-1888-жж.) мемориалдык комплекси:музейи,эстелиги жана мүрзөсү. 1941-ж.16 ноябрда Москванын астында курман болгон Советтер Союзунун баатыры,панфиловчу-Д.Шопоковдун эстелиги. Эки жолку Социалисттик Эмгектин баатыры Зууракан Кайназарованын бюсту.

СИДОРОВ АТН. 1927-ж.23 апрелинде СССРдин мамлекеттик чек араны коргоодо басмачылар м-н согушта курман болгон чек арачы баатырлар: А.Сидоров,Я.Бердников,В.Оханкин,И.Ватник, В.Свищевский, Н.Жуков,И.Шагандардын боордош мүрзөсүндөгү обелиск.

СУЛУКТУ.В.И.Лениндин эстелиги, С.М.Киров,Ф.Э.Дзержинский,М.И.Калинин, М.В.Ломоносовдордун; Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон Советтик жоокерлерге эстелик, Ленин комсомолунун 50-жылдыгына арналган обелиск.

ТАЛАС. Областтын администрациялык жана маданий борбору. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон шаардык советтик жоокерлерге арналган обелиск.1918-ж.6-августунда кулактар козголоңунун талкаланган жери

ТОКТОГУЛ Кыргыз эл акыны Токтогул Сатылгановдун (1864-1933-жж.) Родинасы.Т.Сатылгановдун, Кыргызстандын акыны жана драматургу Жоомарт Бөкөнбаевдин (1910-1944-жж.);баатыр пулеметчик А.Н. Герасимовдун, Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда курман болгон советтик жоокерлердин эстеликтери.

ТҮП. Москваны коргоодо курман болгон панфиловчу, Советтер Союзунун баатыры Г.Е.Кайкиндин (1910-1941 жж.) Родинасы. Баатырдын бюсту.

ӨЗГӨН. В.И.Лениндин эстелиги,1930-ж. басмачылар менен күрөштө курман болгон отряд командири Н.В.Волковго;Совет бийлиги үчүн курман болгон комсомолецтерге, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон советтик жоокерлерге эстелик 1920-ж.январында басмачылардын талкаланган жери. XI-XII кк. архитектуралык эстеликтер.


ЧОЛПОН-АТА. Казак совет жазуучусу-М.О.Ауэзовдун (1897-1961-жж.) үй музейи,Ала-Тоо аллеясы, „Көгүлтүр Ысык-Көл" санаторийи. Чет жакалардагы аска таштагы жазуулар (б.э.ч.I миң ж.)

ЧОЛПОНБАЙ АТН. Улуу Ата мекендик согушта курман болгон (1942 ж.6 августа көкүрөгү менен душмандын дзотун тоскон), Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Тулөбердиевдин Родинасы. Баатырдын бюсту. Ч.Тулөбердиевдин үй-музейи.

гыз ССРинин борбору.Совет бийлигинин жылдарында
стандын ири экономикалык ,илимий жана маданий бор-
ды. Шаарда Кыргыз мамлекеттик университети,Кыргыз
миясы жана бир катар илим изилдөө институттар бар.
ялык жана мамлекеттик ишмер, полководец М.В.Фрун-
25-жж.) Родинасы.
скваны немецтик-фашисттик баскынчылардан коргоодо
панфиловчу, Советтер Союзунун баатыры Н.Я.Ананьев-
Баатырдын бюсту. Н.Я.Ананьевдин музей үйү. Улуу Ата
шта, Москваны коргоодо курман болгон жоокерлердин

И.Лениндин эстелиги. С.М.Кировдун эстелиги. Эки жолку
мгектин баатыры А.Анаровдун эстелиги.Улуу Ата Мекен-
урман болгон айылдаштарга обелиск.
.Лениндин эстелиги.Улуу Ата Мекендик согушта курман
к жоокерлерге обелиск. Ак-Таш аска жазуусу.
азмат өтөө мезгилинде курман болгон чек арачыларга
ачылар талкаланган жер, 1920-ж.январь.
Д.В.И.Лениндин эстелиги. С.М.Киров, Ф.Э.Дзержинский,
эстеликтери.1920-ж.М.Ф.Фрунзенин келишин эскерүүгө
-жж. кызыл гвардиячылардын штабы жайгашына бай-
жол вокзалынын имаратындагы мемориалдык тактайча.
енен күрөштө курман болгон ыктыярдуу жоокерлер от-
ордош мүрзөсүнө; Улуу Ата Мекендик согушта курман
к жоокерлерге-обелисктер. Совет бийлигинин 50 жыл-
ына монумент. „Мундуу эне"эстелиги. Курорт,

СССРдин мамлекеттик чек арасын коргоодо курман
чыларга арналган обелиск. Басмачылар талкаланган жер,





1. ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын токуу цехи. 2. Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атн. Кыргыз текстиль комбинатында.

руу 2, трикотаж 1,4, бут кийим 2,2 эсе ж. б. көбөйгөн. Жеңил ө. ж-нда 8-беш жылдыкта дүң продукциянын көлөмү 2,24 эсе, эмгек өндүрүмдүүлүгү 61,9% өскөн. Бул мезгилдеги продукциянын өсүшүнүн 69,7% эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн эсебинен алынган.

Респ-када 1970-ж. 1960-жылга салыштырганда кыл торко кездеме 7,6, жибек 1,6, трикотаж пч кийим 1,7, трикотаж сырт кийим 3,6 эсе көп чыгарылган. Жалпы союздук өндүрүштө Кыргызстандын жеңил ө. ж-ныи салыштырма көлөмү да өскөн. 70-жылдарда респ-када жаңы продукцияларды — жасалма булгаары плёнка, токулбаган ж. б. материалдарды чыгаруу өздөштүрүлгөн. Эластик ж-а капрон байпак, эластик, жасалма ж-а синтез жибек трикотаж ич кийим, көшөк эластик трикотаж сырт кийим, жасалма булгаары пальто, куртка, жеңил резина ж-а булгаары сымал таш тамандуу бут кийим ж. б-дын жаңы түрлөрү чыгарылган.

Тогузунчу 5 жылдыкта жеңил ө. ж-дын өндүрүш кубаттуулугу да көбөйгөн. Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош кебез бирикмеси толук иштей баштаган. Аламүдүн





Фрунзе бут кийим өндүрүш бирикмесинин жаңы «Чолпон» үзгүлтүксүз катары.

байпак ф-касы реконструкцияланып, Токмок жүн ылгоо ф-касы кеңейтилген. Токмокто кубаттуулугу жылына 3 миң т жүндөн ийрилген жип чыгарууга жөндөмдүү 50 миң ийиктүү камвол-ийрүү ф-касынын курулушу башталган. 1971—75-жылдарда жаңы ишканаларды куруугa, иштеп жаткан ишканаларды кеңейтүүгө ж-а техника жактан кайра жабдууга 106 млн сом жумшалган. Жеңил ө. ж. ишканаларында чыгарылуучу продукциялардын сапатын жакшыртуу, ассортиментин кеңейтүү иши ырааттуулук м-н жүргүзүлүп, жаңы материал, кездеменин жаңы түрү, трикотаж кездеме чыгарылып, буюмдардын жаңы үлгүсү ж-а фасону киргизилген. Тогузунчу 5 жылдыкта жаңы буюмдардын 500дөй түрү өздөштүрүлгөн. Үлгүгө жараша кошумча жаңыруу жылына 65—70%ке жеткен. Жаңы техниканы ж-а алдыңкы технологияны киргизүү чараларын ишжүзүнө ашыруу биринчи ж-а жог. категорилдагы продукциялардын салыштырма көлөмүн көтөрүүгө мүмкүндүк берген (1970-жылдагы 57%тен 1975-ж. 98,6%ке жеткен). Сапат белгиси коюлуп чыгарылуучу буюмдардын көлөмү ж-а түрлөрү көбөйгөн. Бул тармактын ишканаларында 9-беш жылдыктын ичинде механикалаштырылган 43 үзгүлтүксүз ж-а 12 автоматташтырылган катар, 8 комплекстүү-механикалаштырылган цех, участка ишке киргизилип, 9 мүнөн ашуун жог. өндүрүмдүү жабдуу орнотулуп, жаңы техниканы, алдыңкы технология м-н иште илимий негизде уюштуруунун (НОТ) киргизүү б-ча бир катар иш-чаралар жүргүзүлгөн. Ушундан улам 9-беш жылдыкта респ-канын жеңил ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмү 46% өскөн. Беш жылдыктын ичинде бардык түрдөгү кездеме чыгаруудагы өсүш 58,4 млн $м^2$ди түзгөн. 1981-ж. жеңил ө. ж-нын жалпы көлөмүнүн өсүшү 1965-жылга салыштырганда (% м-н) пахта тазалоо 99,3, кебез кездеме 1407,5, кыл торко 689,5, жибек 160,4, трикотаж 326,8, тигүү 308,7, булгаары-мех ж-а бут кийим 332,6 болгон. Кыл торко, трикотаж, кебез кездеме чыгаруу тармактары, жүн ылгоо бир кыйла жогорку темпте өскөн.

Респ-канын жеңил ө. ж-нын негизги тармагы — текстиль. Текстиль ө. ж. ишканаларында респ-канын бардык жеңил ө. ж-дагы өндүрүш персоналынын 44% иштейт. Ал негизги өндүрүш фондусунун наркынын 77%ин эселеп, анда жеңил ө. ж-нын дүң продукциясынын 74% чыгарылат. Респ-канын кыл торко, трикотаж ж-а бут кийим ө. ж-нын тез өнүгүшү туруктуу сырьёго негизделет. Жүн ж-а булгаары сырьёсун даярдоо б-ча респ-ка өлкөдө 3-орунда (РСФСР, Казакстандан кийин), О. Азияда 1-орунда турат. Респ-канын кебез кездеме ө. ж. ишканалары түздөн түз пахта өстүрүүчү райондорго, пахта тазалоочу заводдорго жакын. Бул болсо ө. ж. өндүрүшүн туура жайгаштыруунун соц. принцибине туура келет.

Жеңил ө. ж. продукциясынын бир кыйла болугу респ-кадан башка жерлерге буюм даярдоо үчүн жөнөтүлөт: а. и. пахта буласынын 74%, жүндүн 81%, мех сырьёсунун 87%, кебез кездеменин 82% ж. б. Жерг. сырьёнүн ж-а эмгек ресурстарынын көп болушу, өндүрүш базасынын өнүгүшү жеңил ө. ж-нын уламдан улам

Жеңил ө. ж. продукциясынын негизги түрлөрүн чыгаруу (натуралай көрсөткүчү)

Продукция	Чен бирдиги	1940	1950	1970	1980
Пахта буласы	миң т	27,9	30,7	59,3	63,4
Жибек сырьёсу	т	84	69	123	97
Байпак	миң жуп	322	3141	7454	13399
Трикотаж ич кийим	миң даана	97	2081	10303	12289
Трикотаж сырт кийим	миң даана	65	473	5396	5606
Булгаары бут кийим	миң жуп	181	679	9628	9815
Кийиз бут кийим	миң жуп	20	77	135	80


өсүшүн ж-а оркүндөтүлүшүн камсыз кылат. Респ-канын жеңил ө. ж. чыгарган продукциянын ассортименти жакшырып, сапаты жогорулоодо; тармак ичиндеги прогрессивдүү тармакчалардын жог. темп м-н өсүшүнүн эсебинен тармактарга болүнүшү жакшырууда, а. ч. сырьёсунан кездеме, буюм, азык даярдоо өсүүдө, аларды комплекстүү белендоо көбүрөөк киргизилүүдө.

С. К. Корчубеков

ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ

Республиканын тамак-аш ө. ж. азык-түлүк продуктуларын, тамеки, парфюмерия-косметика буюмдарын, ө. эле кир кетирүүчү каражаттарды иштеп чыгарып, түрдүү типтеги ж-а кубаттуулуктагы 700дөн ашуун ишканаңы камтыйт. Ал ө. ж-дын башка тармактарынын ичинен алдыңкы орундардын бирин ээлеп, анын үлүшүнө респ-канын ө. ж. дүң продукциясынын 21% туура келет (1981). Респ-кадагы калктын тамак-ашка муктаждыгы негизинен жерг. өндүрүштүн эсебинен канаатандырылат. Кыргызстандын тамак-аш ө. ж. продукциясынын кыйла бөлүгү О. Азиянын боордош респ-каларына (кант, шампан ичимдиги), Урал, Сибирь, Ы. Чыгыш, Четки Түндүктүн ө. ж. борборлоруна (жер-жемиш консервалары ж-а минералдуу суулар), ферменттелген тамеки өлкөнүн көптөгөн тамеки фабрикаларына жиберилет. Рев-ня чейин Кыргызстандын тамак-аш ө. ж-нда кустардык типтеги бир нече гана майда ишкана, тегирмендер, май чыгаруучу ж-а пиво заводдору, туз кендери болгон. Тамак-аш ө. ж. Совет бийлигинин жылдарында гана өнүктү: Кара-Кыргыз АОсу түзүлөр алдында бар болгону 28 гана ишкана болгон. Тамак-аш ө. ж. респ-каны индустриялаштыруу ж-а а. ч-сын соц. кайра куруу м-н тыгыз байланышта түзүлүп, өнүп баштаган. Согушка чейинки беш жылдыктарда респ-каның тамак-аш ө. ж. бир кыйла өнүгүп, эт камдоочу, май-сүт (май ж-а бышак чыгаруучу 14 завод), кант, шараң чыгаруучу, нан бышыруучу ж. б. жаңы тармактар пайда болгон.

30-жылдарда Ош эт комбинаты (1930), Фрунзе эт комбинаты (1931), Фрунзе тамеки ф-касы (1935), Фрунзе нан комбинаты (1940) ж. б. ири ишкапалар курулду. 1928—40-ж. тамак-аш ө. ж. продукциясын чыгаруу 13,6 эсеге көбөйүп, продукциянын жылдык өсүшүнүн орточо темпи 24,3%ти түзгөн.




«Ала-Тоо» с-зунун шире даярдоо цехи. Аламүдүн р-ну.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Кыргыз ССРи фронттү азык-түлүк м-н камсыз кылууга олуттуу үлүш кошкон. Респ-ка озунун согушка чейин түзүлгөн жерг. өндүрүштүк базасына да, эвакуацияланган ишканаларга да таянган. Эвакуацияланган ишканалардын базасында Новотроицк, Токмок, Беловодский кант, Токмок жашылча-жемиш консерва, Жалал-Абад витамин-консерва ж. б. з-ддор иштей баштаган. Согуш жылдарында а. ч. машиналарынын, минерал жер семирткичтердин ж-а квалификациялуу кадрлардын жетишсиздигинен сырьёнүн айрым түрлөрүн өндүрүү кыскарып, кант, шараң ж-а консерва продукцияларын чыгаруу азайган.

Согуштан кийинки жылдарда тамак-аш ө. ж. продукцияларын чыгаруу, айрыкча мурда начар өнүккөн тармактар олуттуу өркүндөгөн. Респ-канын тамак-аш ө. ж. министерствосу б-ча продукция чыгаруу 1946—50-жылдарда жалпысынан 54,1%ке, а. и. кант ө. ж. 2,7 эсе, шараң чыгаруу 3,2 эсе, консерва чыгаруу 2 эсе көбөйгөн. 1950—60-ж. а. ч. өндүрүшүнүн өсүшү тамак-аш ө. ж-нын дүң продукциясынын көлөмүн 2,67 эсеге көбөйтүүгө шарт түзгөн. Көптөгөн ишкана жаңыланып, өндүрүмдүү машиналар ж-а агрегаттар орнотулган.

Респ-канын тамак-аш ө. ж-н өнүктүрүүнүн жогорку темпин камсыз кылууга каражаттар улам көбүрөөк жумшалып турган. 1956—60-жылдарда бул тармакка жумшалган капиталдык салымдын көлөмү мурунку 5 жылдыкка салыштырганда 1,7 эсе көп болсо, 8-беш жылдыкта 7-беш жылдыкка караганда 1,5 эсе көбөйгөн. Фрунзе шампан-шараң комбинаты, Кара-Суу май экстракциялоо з-ду, Кайыңды кант з-ду, Нарын, Чаек, Кайыңды эт комбинаттары, Токмок консерва з-ду, Кызыл-Кыя тамеки-ферменттоо з-ду, Фрунзе сүт комбинаты, 4 нан з-ду, 6 май з-ду ж. б. бир катар ишкана-




Тамак-аш о. ж. продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү

Продукция	Чен бирдиги	1940	1950	1970	1980
Кумшекер	миң т	65,5	80,8	198,0	270,4
Эт (I-категориядагы субпродуктуларды кошкондо)	—»—	16,8	23,8	78,8	109,5
Колбаса-чочко сүрү	—»—	2,6	3,3	13,8	16,7
Малдын майы	—»—	1,2	2,2	6,9	10,3
Майлуу сыр	т	44	242	3521	4860
Ысык сүт (майга айландырып эсептегенде)	миң т	—	—	140,9	197,8
Өсүмдүк майы (суу май)	миң т	0,4	0,6	16,9	20,4
Консерва	млн. шарттуу банка	7,3	23,8	79,4	147,8
Кондитер азыктары	миң т	1,3	5,3	27,9	37,0
Макарон азыктары	т	346	2697	5700	6267
Нан	миң т	113,6	67,4	194,0	233,1
Жүзүм шарабы	миң *дал*	78	153	2751	3550
Мөмө-жемиш шарабы	—»—	45	234	613	1702
Шампан	миң бөтөлкө	—	—	2495	5690
Пиво	миң *дал*	1122	1350	4366	4660

лар курулган. Жаңы фабрикалардын ж-а заводдордун курулушу продукциянын көлөмүн арттырып, сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берди. Ош, Ысык-Көл ж-а Нарын обл-ндагы эт, сүт, нан, пиво, шарап, консерва ж. б. продукцияларды чыгаруучу ишканалардын кубаттуулугу кыйла өскөн. Технологиялык процесстерди өркүндөтүү, технологиялык түзүлүштөрдү жөнгө салууну ж-а контролдоону автоматташтыруу элементтерин киргизүү, оор жумуштарды механикалаштыруу аркылуу бир катар ишканаларды реконструкциялоо жүзөгө ашырылган.

Негизги фондуларды ургаалдуу пайдалануунун ж-а жакшыртуунун натыйжасында тамак-аш о. ж-нын дүң продукциясынын көлөмү 1950—70-ж. 3 эсе өскөн. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 7—8-бек жылдыктарда 2,2 эсе жогорулаган. Тамак-аш о. ж-н техника м-н кайра жабдуунун натыйжасында кантты диффузиялоо, шарапты шампандаштыруу, жүзүм ширесин ачытуу, камыр жууруу, спирт ачытуу ж-а ректификациялоо, айран уютуу, май

Фрунзе нан-кондитер комбинаты.



сызгыруу, эфир-май сырьёсун кайра иштетүү сыяктуу оор операциялардын технологиялык тынымсыз процесстери өздөштүрүлгөн. 9-бек жылдыкта тамак-аш чыгаруучу тармактарды өнүктүрүүгө 112,4 млн сомдук капиталдык салым, анын 60% жаңы объектилерди курууга болүнгөн. Иштеп жаткан ишканалардын катарында Беловодский кант, Жалал-Абад тамеки-ферменттөө з-ддору, Фрунзе ш-ндагы болко-кондитер комбинаты, 3 нан з-ду (Рыбачье, Токмок ш-ларында ж-а Быстровкада), Рыбачье консерва з-ду, Жалал-Абад ж-а Калинин ун комбинаттары, Пржевальск ж-а Токмок эт комбинаттары, Ош, Токмок, Жалал-Абад, Пржевальск сүт з-ддору ж. б. кошулуп, тамак-аш о. ж-нын бүткүл тармагы б-ча өнүгүү темпин бир кыйла тездеткен.

1970-ж. тамак-аш о. ж-нын тармактары б-ча продукциянын жалпы көлөмүнүн өсүшү 1965-жылга салыштырганда 125,2%ти түзсө, 1981-ж. 196,5%ке жеткен. Соц. мелдештин кеңири жайылтылышынын, өндүрүштү адистештирүүнүн ж-а топтоонун натыйжасында план тапшырмалар ашыра аткарылып жатат. Жалал-Абадда нан-кондитер, сүт, Фрунзеде нан ж-а

1965—81-жылдарда тамак-аш о. ж-нын тармактары б-ча продукциянын жалпы көлөмүнүн өсүш темпи (1965-жылга карай % м-н)


	1970	1975	1976	1980	1981
Тамак-аш о. ж. а. н.:	125,2	168,3	169,8	187,7	196,9
даам-татымдуу а. н.:	122,3	162,6	147,7	193,8	204,5
кант	114,0	117,3	141,5	149,8	145,8
нан бышыруу	121,3	150,6	152,6	158,4	167,1
кондитер	119,7	148,7	150,8	157,8	163,4
май	68,7	91,3	95,1	91,3	95,1
спирт	125,0	95,3	99,3	64,7	49,9
шарап	148,6	239,8	246,0	263,2	270,0
жемиш-жашылча	125,0	221,9	207,3	211,5	216,6
эт ж-а сүт а. н.:	129,5	175,1	161,2	177,6	184,0
эт	126,0	175,1	154,4	165,7	171,2
май, сыр-быштак ж-а сүт	138,6	170,9	179,4	211,8	221,3
балык	106,8	165,3	146,6	178,8	126,9

кондитер, сүт, Чолпон-Атада сүт, Жалал-Абад пиво з-ду ж. б. бир катар өндүрүш бирикмелери м-н комбинаттар уюштурулган. Респ-канын Тамак-аш мин-восунун 6 бирикмеси бүткүл дүң продукциянын $^1/_5$ин чыгарат. Өндүрүш ишканаларын кооперациялоо м-н катар а. ч. продукцияларын кайра иштетүү о. ж. менен а. ч. өндүрүшүн кооперациялоо да барган сайын чоң маанияэ болууда. 80-жылдардын башында 7 агро-о. ж. бирикмеси иштеген. 10-бек жылдыкта респ-канын тамак-аш о. ж-н өнүктүрүүгө 130,4 млн сомдук капиталдык салым жумшалып, Таш-Көмүрдө тамеки-ферменттөө з-ду, Фрунзе, Нарын, Токмок, Таш-Көмүрдө нан, Ош, Пржевальскиде сүт з-ддору курулган. Иштеп жаткан бир катар ишканалар, асыресе, Кызыл-Кыя консерва ж-а тамеки-ферменттөө з-ду, Токмок кант з-ду, Фрунзе шампан-шарап, эт комбинаттары ж. б. реконструкцияланып кеңейтилген. Онунчу 5 жылдыкта азык-түлүк продуктуларынын негизги түрлөрүн чыгаруу кыйла өстү. 1980-ж. Кыргызстандын тамак-аш о. ж. өндүрүшүнүн көлөмү 1975-жылга салыштырганда 103,6 млн сомго же 24,1%ке артты. Кийинки мезгилдерде улуттук тамак-аш ишканаларын уюштурууга көңүл бурулуп, Фрунзе ш-ында эле «Кыргызстан», «Сейил», «Ак-Суу» сыяктуу ашкана, кафе ж. б. иштөөдө.

С. К. Корчубеков

АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

Октябрь рев-ясынын алдында Кыргызстанда болжол м-н дыйкан чарбаларынын 65% кедей, 20%ке жакыны орто дыйкан, 10—15% бай болгон. Жерг. отурукташкан дыйкандардын жарымына жакынынын бир тешеден



Буурсун — кыргыздардын революцияга чейинки жер айдоочу шайманы.

гана жери болсо, алардын көбүнүн (15%ке чейин) жери, малы болгон эмес. Мал чарбасы экстенсивдүү мүнөздө болуп, артта калып, мал жеңокой гана оторлотуп асыралган. Азыркы Кыргызстандын аймагында 1913-ж. 8 ветеринария участкасы болуп, 4 ветврач, 6 фельдшер ж-а 6 санитар иштеген. Дыйканчылыктын да өтө начар өнүккөн жеңокой түрлөрү болгон. Дыйканчылык буурсун, кетмен, жыгач мала, орок ж-а чалгы сыяктуу жеңокой шаймандар м-н жүргүзүлгөн. Соко, темир мала, сепкич, оргуч-чапкыч, сапыргыч машина сыяктуу өркүндөтүлгөн шаймандар өтө аз болгон: 1910-ж. 24 942 ат соко, 86 пийрек мала, ат чегилме 16 эгин сепкич, 244 оруп-жыйнагыч машина, ат чегилме 189 чөп чапкыч бар эле. Дыйканчылыктын маданияты да төмөн болгон. Агротехниканын начардыгына, эгиндин зыянкечтерине, илдеттерине каршы колдонулуучу керектүү дары-дармектин жоктугуна байланыштуу түшүм аз алынган. Рев-яга чейин сугат (ирригация) иштери абдан жеңокой болуп, айдоо аянтынын көбүн аз түшүмдүү ж-а өтүмсүз өсүмдүктөр ээлеген. 1913-ж. айдоо аянтынын 4,9%ине гана тех. өсүмдүктөр эгилген. Рев-янын алдында мал азайып, айдоо аянты кескин кыскарып, түшүм төмөндөп кеткен.

Буурсун м-н жер айдоо.



Кыргызстандын а. ч-сы Окт. рев-ясынан кийин гана жанданды. 20-жылдарда кооперациялаштыруунун жеңокой түрү (керек-жарак, өткөрүү ж-а жабдуу) пайда болуп, чындала баштайт; жер-суу реформасы жүргүзүлүп, жерге орноштуруу иштери ишке ашып, көчмөн эл отуруктуу турмушка өтөт. 20-жылдардын ортосунда а. ч. ишканаларынын соц. формасы — совхоздор ж-а дыйкандардын коллективдүү бирикмелери: коммуна, артель, жер шериктештиги ж. б. пайда болгон. 1928-жылдын күзүндө дыйкандардын 1,7%ин бириктирген 5 коммуна, 96 жер шериктештиги (ТОЗ) ж-а 200 артель бар эле. 1932-ж. а. ч. артелдеринин саны 1500гө жеткен. 1937-жылдын ортосунда коллективдүү чарба дыйкандардын 89%ин ж-а 1940-ж. 98,9%ин камтыган. 1940-ж. 36 совхоз болгон. Респ-када 30-жылдардын башында түңүч машина-трактор станциялары (МТС) түзүлө баштап, 1932-ж. 15 МТС болсо, 1940-ж. ал 65ке жеткен. Коллективдүү чарбаны жүргүзүүдө ж-а аны уюмдашкан чарба түрүндө чыңдоодо совхоз, МТС ж-а анда түзүлгөн саясий бөлүм негизги орунду ээлеген. 1940-ж. а. ч-ның дүң продукциясы 1913-жылга салыштырганда 2 эсе көбөйгөн. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде өлкөнүн эл чарбасынын бардык системасы (тармагы) сыяктуу колхоз, совхоз өндүрүшү фронт м-н оорук үчүн тамак-аш, а. ч. сырьёсун берип турду. Согуштан кийинки беш жылдыктарда а. ч-сынын өндүргүч күчтөрү кыска мөөнөттө жогорку темпте өнүкту.

Респ-када 1979-ж. жалпы жер аянты 19 594,7 миң *га* болсо, анын а. ч-га жарактуу 10 548,5 миң *га*сынын 1344,8 миңин айдоо, 58,6 миңин көп жылдык өсүмдүктөр, 228,5 миңин чабынды, 8898,1 миңин жайыт ээлеген.



С. М. Будённыйдын Кыргызстанга келиши. Соц. Эмг. Баатыры, «Кенеш» к-зунун председатели Ы. Кочкорбаев м-н жолугушуусу. 1948.

Жаратылыш шартынын ыңгайлуулугу товардай продукциянын көп түрүн: жүн, пахта, кант кызылчасы, тамеки, дан, картошка, мөмө-жемиш, жүзүм, жашылча, сүт, эт, жумуртка, пилла ж. б. арбын белендөөгө шарт түзөт. Күр өрөөндөрдө ж-а кеңири тоо жайыттарда дыйканчылыкты, өзгөчө мал чарбасын өнүктүрүүгө болот. Респ-канын жайы узак ж-а ысык келип, жаан-чачын аз болгондуктан, а. ч-сында сугатка көп көңүл бурулат. А. ч. өсүмдүктөрүнүн $^2/_3$ бөлүгү негизинен сугат жерлерде эгилет. Кыргызстандын а. ч-сынын негизги багыты — мал чарбачылыгы дүң продукциянын 54,8%ин, жакшы өнүккөн кой чарбасы 23%ин, уй чарбасы 19%ин берет. Дүң продукциянын 45,9% өсүмдүк өстүрүүчүлүккө, а. и. техникалык өсүмдүккө 14,4% туура келген. Товардай продукция чыгарууда мал чарба тармактарынын үлүшү андан да жогору. Жалпы союздук эмгек бөлүштүрүүдө Кыргызстан а. ч-сынын өзгөчөлүгүнөн улам технологиялык сырьё — уяң ж-а чала уяң жүн, пахта, кант кызылчасы, тамеки алууга адистештирилген.

КПССтин Март (1965) ж-а Июль (1978) пленумдарынан кийин комплекстүү механикалаштыруу, электрлештирүү ж-а химиялаштыруу, мелиорация ж-а өндүрүш технологиясын өркүндөтүүнүн негизинде а. ч-сын ургаал өнүктүрүү, СССРдин азык-түлүк программасын ишке ашыруу негизги багыт болуп калды. 1981-ж. а. ч-сында 31 миң трактор, 4,4 миң эгин, 2,1 миң силос, 1,1 миң жүгөрү, 0,9 миң кызылча, 1,1 миң пахта машиналары, 18 миңден ашык жүк ташуучу автомобиль ж. б. көптөгөн а. ч. техникасы пайдаланылды. Иштеген ар бир кишиге электр энергиясын сарптоо орточо 5,6 ат күчүнө, ал эми энергия м-н камсыз кылчу кубаттуулук 100 *га* айдоо аянтына эсептегенде 483 ат күчүнө барабар болгон. 1981-ж. сорттуу дан эгини бардык айдоо аянтынын 99,8%ин эзелеген (а. н. райондоштурулган сорту 89,2%), дандык жүгөрү 100%ти түзгөн; көп райондун колхоз, совхоздору илимий негиздеги дыйканчылык системасына өттү. 70-жылдарда респ-када а. ч. өсүмдүктөрүнүн $^2/_3$си сугат жерге эгилип, а. н. пахта, кант кызылчасы, тамеки, жүгөрү, жашылча, картошка, көп жылдык чөптүн ж-а кылкандуу эгиндин кыйла бөлүгү, бак-даракты дээрлик көбү сугарылат. 1979-ж. а. ч-сынын дүң продукциясы 1940-жылга салыштырганда 406,5тен 1480,2 млн сомго көбөйгөн же 3,7 эсе өскөн. Дандын дүң жыйымы 1913-жылга салыштырганда 3,5, пахта 7,2, картошка 12,5, жашылча 10,2, эт 3,9, сүт 7, жумуртка 20, жүн 6,7 эсе көбөйгөн. Чарбанын жаңы тармагы кант кызылчасын, тамеки өстүрүү болду. Жердин структурасын жакшыртуу чаралары ишке ашырылды. Жалпы айдоо аянты 1913-ж. 639,7 миң *га* болсо, 1979-ж. 1296,1 миң *га*га жетти. Дыйканчылыкта баалуу техникалык өсүмдүктөрдүн үлүшү арбын, дан эгини, картошка, жашылча-бакча ж-а тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү көбөйдү. 1979-ж. респ-канын жалпы айдоо аянтынын 45,1%ин дан эгини ээлеп, анын 21,2%ин күздүк, 10,5%ин техникалык өсүмдүктөр, 3,1%ин картошка ж-а жашылча-бакча, 41,1%ин тоют өсүмдүктөрү түзгөн.

Мал чарбасы пайдуктуу өнүгүүдө. Малдын саны өсүп, канаттуулар көбөйдү. 1979-ж. коомдук сектордогу малдын саны башка бардык категориядагы малды ал-




Л. И. Брежнев Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө ардактуу меймандар китебине кол коюуда.

ганда салыштырма салмагы: үй 72,1% (а. н. инеги 52,8%), кой-эчки 90,5%, чочко 73,8%, жылкы 84,3%ти түзгөн. Мал чарбасынын өсүшүнө тоют базасын чыңдоо ж-а кеңейтүү түрткү берди. 1979-ж. даярдалган тоюттан коомдук малга 2840,3 миң *т* тоют бирдиги болүнгөн. Бул 1965-жылга салыштырганда 2 эсе көп. Ар бир шарттуу малга эсептегенде (бир үйга алганда) колхоздордо орточо 25,4 *ц*, совхоздордо 29,3 *ц* тоют бирдиги жумшалган. Жаратылыш шартынын өзгөчөлүгүнө ылайык бардык пайдаланылчу тоюттун эң көбү (56,5% чейин) табигый жайыттан алынат. Тоют даярдоону өнүктүрүү, табигый чабык жердин күрдүүлүгүн арттыруу ж-а аралаш тоют чыгарууну уюштуруу туруктуу тоют базасын түзүүдөгү негизги багыт болуп калды. Жаратылыш-экон. шарты эске алынып, мал чарбасы респ-канын зоналары б-ча рационалдуу жайгаштырылат. Тубар малдын саны өсүүдө. Мал багуунун алдыңкы ыкмалары кеңири колдонулууда. Кой чарбасында жыл бою жайытта багуунун ордуна жарым-жартылай жайытта ж-а колдо багуу ишке ашырылып жатат; койду кышында толдотуу кеңири жайылтылууда. Респ-када 70-жылдардын аягы — 80-жылдардын башында 2,5—3 миң тубар койлук комплекстер түзүлүп, негизги өндүрүш процесстери механикалаштырылды. Жай мезгилинде да саан үйлөрү жайытта-колдо багуу иши жөнгө салынууда. Өндүрүштү топтоо чочко ж-а канаттуулар чарбаларында өнүктүрүлүүдө.

Көп чарбаларда мал чарбасын илимий негизде өнүктүрүү ийгиликтүү ишке ашып жатат. Бул мал чарбасын өстүрүүгө ж-а кунардуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет. Ошентип, респ-ка б-ча 1940-ж. ар бир үйдөн 799 *кг* сүт саалып алынса, 1981-ж. 2662 *кг*га, ар бир койдон жүн алуу 2,2ден 3,2 *кг*га чейин жеткен. Ошол жылдардын ичинде тооктордун тукумчулдугу арткан. 100 тубар малдан төл алуу көбөйдү, мамлекетке тапшырылган малдын салмагы жогорулады. Техникалык өсүмдүктөрдөн пахта, кант кызылчасы, тамеки өндүрүшүн топтоо жогорку деңгээлге жетти. Жашылча, момо-жемиш ж-а картошка өндүрүшүн топтоо жогорулоодо. Колхоз-совхоздордун ирригациясын ж-а адистештирилишинен улам жерди, материалдык-техникалык,

«Новый путь» к-зунун алдыңкы механизаторлоруна кызыл желекче тапшыруу. Ысык-Көл р-ну.



Кыргызстандын а. ч-сынын өсүшүнүн негизги экон. көрсөткүчтөрү (чарбанын бардык категориясы б-ча)

	1924	1940	1965	1970	1975	1980
Бардык а. ч. өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты, миң *га*	385,0	1055,5	1170,1	1264,2	1246,5	1271,8
А. ч. өсүмдүктөрүнүн продукциясы, *т*						
дан	232,6	588,5	559,7	1013,8	1055,2	1307,1
пахта сырьёсу	28,2	95,0	167,3	187,3	201,6	206,6
кант кызылчасы (фабрикалык)	—	628,4	1874,8	1684,7	1799,9	955,9
тамеки	0,8	3,5	16,2	22,3	32,7	35,1
картошка	19,8	105,3	247,9	178,2	279,6	293,2
жашылча	20,1	44,8	134,0	195,9	309,6	399,9
бакча өсүмдүгү	—	36,1	31,6	37,1	82,7	85,9
момо-жа жер-жемиш	—	41,5	54,2	35,1	188,1	160,3
А. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, ц/га						
дан	7,6	7,6	9,2	17,4	19,0	23,6
пахта сырьёсу	8,3	14,8	22,9	25,0	28,2	27,1
кант кызылчасы (фабрикалык)	—	408	347	330	375	342,0
тамеки	—	7,4	14,3	15,9	21,9	22,7
картошка	52	76	103	107	106	125,0
жашылча	67	97	123	154	193	195,0
бакча өсүмдүгү	—	80	86	101	144	148,0
момо-жа жер-жемиш	—	72,7	41,9	28,0	46,9	42,1
Малдын саны (жыл аягында), миң						
үй	321,7	555,4	857,3	911,7	941,7	982,0
а. н.:						
инеги	142,1	219,6	342,6	360,3	366,1	384,1
кой-эчки	2361,4	2529,1	8303,2	9455,0	9850,5	10058,4
чочко	41,8	87,2	224,1	243,6	215,5	335,8
жылкы	261,3	407,7	230,4	264,1	265,3	258,5
Мал чарба азык-түлүгү, миң *т*						
эт (союлган салмакта)	22,0	40,5	115,7	133,7	157,3	159,4
сүт	56	210	481	548	611	681,7
жумуртка, млн даана	13,0	46,6	189,6	268,0	361,2	416,0
жүн, *т*	4108	3314	22729	27127	32082	34057
Мамлекетке сатылган продукция, миң *т*						
дан	39,0	207,7	63,3	235,6	300,1	302,0
пахта сырьёсу	—	95,0	167,3	187,3	201,6	206,6
кант кызылчасы (фабрикалык)	—	618,2	1754,6	1604,4	1671,6	873,6
тамеки	—	3,2	16,4	22,2	32,6	35,3
картошка	—	11,7	55,8	63,5	68,6	98,1
жашылча	—	7,7	83,8	117,7	177,8	278,3
мал-жа үй куштары (тирүү салмакта)	11,7	23,5	134,4	158,1	213,6	214,3
сүт	2,1	26,6	265,7	315,0	374,8	435,8
жумуртка, млн даана	—	—	71,3	138,5	207,0	255,4
жүн, *т*	—	3693	27880	32623	39616	42830
пилла, *т*	—	603,3	613,0	826,8	962,0	1004,0
А. ч-сынын жыл аягындагы энергетика кубаттуулугу, миң а. к.	—	—	2580	3350	4646	1034,0
Трактордун саны (жыл аягында), даана	—	5182	19354	23173	25391	5769
Эгин комбайны (жыл аягында), даана	—	1050	2952	3423	3989	26274
А. ч-сына берилүүчү минерал жер семирткич ж-а тоют фосфаты, миң *т* шарттуу бирдик м-н эсептегенде	—	—	398,9	645,4	905,3	4410
100%ке айландырганда аш болумдуу эат	—	—	81,1	131,1	191,5	

Базар-Коргон, Сузак р-ндору), Фергана тоо этегиндеги мал чарба-пахтачылык (Ош обл-ныи Баткен, Лейлек, Фрунзе р-ндору), Фергана тоо этегиндеги тамекимал чарбачылык (Ош обл-ныи Ноокат, Өзгөн, Жаңы-Жол ж-а Ала-Бука р-ндору), Фрунзе ш-ныи айланасындагы ички сүт-жашылча зонасы кирген Чүй кызылча-мал чарбачылык (Кемин, Чүй, Кант, Сокулук, Аламүдүн, Москва, Калинин р-ндору), Талас кой чарба-тамекичилик (Талас обл-ныи Киров, Талас, Манас р-ндору), Ысык-Көл аймагындагы кой-үй чарбачылык (Ысык-Көл обл-ныи Ысык-Көл, Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң р-ндору), Бийик тоолуу кой чарбачылык: а) Борб. Тянь-Шань (Нарын обл-ныи Кочкор, Жумгал, Тянь-Шань, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо р-ндору); б) Түш. Кыргызстан (Ош обл-ныи Алай, Совет р-ндору).

Ар бир зона өндүрүш шарты бирдейирээк бир нече райондон турат. Ар зона өзүнчө адистештирилген: пахта 2 зонада өстүрүлөт, анын 90% Фергана аймагындагы пахтачылык зонасына туура келет; кант кызылчасы Чүй кызылча-мал чарбачылык зонасында эгилет, тамеки өстүрүү респ-канын түштүгүндөгү Фергана тоо этектери тамекимал чарбачылык, о. эле Талас кой чарба-тамекичилик зоналарына туура келет.

8—10-бет жылдыктардын ичинде респ-када шаар айланасында канаттуулар фабрикасы курулуп, жашылча-сүт совхоздору уюштурулду. «Птицепромдун» 7 ири канаттуулар фабрикасы 1979-ж. 3740 *т* куш этин ж-а 190 млндон ашык жумуртка берди. 10-бет жылдыкта жалпысынан, товардай а. ч. продукциясынын 36% кой чарбасына, 29% техникалык өсүмдүктөргө туура келди. Эл чарбачылыгы б-ча 3-орунду сүт-эт мал чарбачылыгы ээлейт (товардай продукциянын 17%ин түзөт). Кооперация курулушу «Межколхозстрой» кеңири өсүүнү ж-а эмгек ресурстарын билгичтик м-н пайдаланып, прогрессивдүү технологияны, илим м-н техниканы жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны кеңири колдонуп, өндүрүштү кеңейтүү ж-а а. ч. продукциясын көп даярдоого мүмкүн болду. Респ-канын а. ч-сынын жетишкендиги колхоз-совхоздордун өндүрүшү өсүп, алардын техникалык базасынын чыңдалгандыгын көрсөтөт. Адистештирүүнүн натыйжасында респ-када колхоз-совхоздор ирригация, бул болсо механикалаштыруу ж-а квалификациялуу эмгекти колдонуу м-н чарба ж-а тармак ичинде адистештирүүнү улам күчөтүүгө ыңгайлуу шарт түзүдү. 1979-ж. ар бир коомдук чарбага орточо 25,6 миң *га* а. ч. жери, а. н. 3,4 миң *га* айдоо жер, 500 *га*га чейин техникалык өсүмдүк, 16,5 миң кой, 1484 үй, 440 жылкы туура келген.

Респ-када 7 а. ч. зонасы бар: Фергана өндүрүндөгү пахтачылык (Ош обл-ныи Араван, Кара-Суу, Ленин, до. 1974-ж. «Кыргызживпром» бирикмеси түзүлүп, адистештирилген үрөнчүлүк чарбаларын уюштуруу ж-дө чечим кабыл алынган.

Онунчу беш жылдыкта респ-канын а. ч-сын өнүктүрүүгө 1,7 млрд сом акча жумшалып, бул 9-беш жылдыкка салыштырганда 16%ке көп. Бул каражатка 200 миң үйлүк, 2 млн койлук мал бордоо комплекстери ж. б. жайлар курулуп, ишке берилди. Суткасына 785 *т* аралаш тоют даярдоочу ишкана, 530 миң $м^3$ силостук ж-а сеназдык курулуштар, 107 миң *т* минерал жер семирткич сактоочу складдар курулду. О. эле 10 миң *км*ден ашык электр линиясы пайдалануюга берилип, жаңыдан 55 миң *га* сугат жери ишке киргизилди; 44 миң *га* жер аянты мелиорация жактан жакшыртылып, 500 миң *га*га жакын жайытка суу чыгарылды. Колхоз-совхоздорго беш жылдын ичинде 15 миңге жакын трактор, 12 миң жүк автомобили, 3200 эгин комбайны ж. б.

коп техника, 5 млн гдай жер семирткич жонотулду. Айыл-кыштактарда электр энергиясын турмуш-тиричилик ж-а өндүрүшко ректоо бир кыйла өстү.

А. ч-сын узак мөөнөткө адистештирүү, топтоо ж-а кооперациялаштыруу планына ылайык бардык эгилүүчү аянтка жетишерлик урон адистештирилген чарбаларда беленделет. Техникалык өсүмдүктөр (пахта, кант кызылчасы, тамеки, эфир майын берүүчү) болүнгөн зоналарга эгилет. Пахта негизинен Ош обл-ның Араван, Базар-Коргон, Кара-Суу, Ленин, Сузак райондорунда, кант кызылчасы шалбаалуу-боз топурактуу Чүй ороонунда өстүрүлөт. Картошка (эрте картошкадан башкасы) Ысык-Көлдүн адистештирилген чарбаларында ж. б. зоналардын тоо этектеринде, тоолуу болүгүнө эгилет. Жашылча, эрте картошка, бакча өсүмдүктөрү Чүй ороонунун, Ош, Ысык-Көл облның адистештирилген чарбаларында айдалат. Багбанчылык ж-а жүзүмчүлүк респ-канын айрым райондорундагы чарбалардын башкы тармактарынын бири болуп эсептелет. Колхоз-совхоздордун көбү ынак сүт камдайт.

А. ч. ишканаларынын ж-а чарбалардын саны
(жыл аягында)

	1940	1960	1965	1970	1975	1980
Бардык колхоздордун саны* . . .	1732	306**	248	245	216	180
Андагы колхоз түтүнү, миң м-н . . .	184,4	164,4	169,8	174,4	169,1	154,0
Орточо бир колхоздогу колхоз түтүнү миң м-н . . .	106	542	685	710	783	99
Өрөктөш ишкана, үюм ж-а бирикме	—	—	12	8	13	91
Бардык совхоз саны	36	67	84	103	154	231

* Колхоз санынын азайышы алардын ирилениши, совхоз болушу м-н түшүндүрүлөт.
** Анын экөө балыкчы колхоз болчу.

Куш чарбасы жалпысынан о. ж. негизине өтүп, Чүй ороонунда, Ысык-Көл аймагында ж-а Ош обл-ның эли жыш зоналарында жайгашкан. Кыргызстандын тоолуу ж-а тоо этегиндеги зоналарында кой чарбачылыгы келечекте да респ-канын бардык чарбаларында а. ч. өндүрүшүнүн башкы тармактарынан болуп кала берет.

М. Өмуралиев, И. Ф. Черемнецкий, В. З. Боркум

МАЛ ЧАРБАСЫ


Кой чарбасы. Кой чарбасы — Кыргызстандын а. ч-ның байыртан берки башкы тармагы. Бул болсо анын тоолуу рельефине байланыштуу өзгөчө табигый экон. шартынан келип чыккан. А. ч-на тиешелүү жалпы аянттын 83% кой чарбасын өстүрүүгө жарактуу тоолуу ж-а бийик тоо жайыттар. Респ-канын климатына жараша койлор жазында ороондор м-н тоо этектеринде, жайында жайлоодо, күзүндө-кышында болсо ороондор м-н тоо этектериндеги кыштоолор м-н короолордо багылат. Тоолуу жайыттарды кеңири пайдалануу аз каражат жумшап, азык-түлүктү (жүн, эт) коп алууга мүмкүндүк берет. Респ-када 60—70-жылдарда порода түзүү патыйжасында кой чарбасынын экон. маанисн жогорулаган. Кой чарбасына колхоз м-н совхоздордун бүткүл мал чарба продукциясынын 66%, ал эми тоолуу райондордо 90%тен көбүрөөгү туура келет. Эгерде 30-жылдарда Кыргызстанда жалаң гана жерг. кылчык жүндүү койлор өстүрүлсө, 1980-ж. кой чарбасы негизинен уяц ж-а чала уяц жүндүү чарбага айланды. 1929-ж. алынган 6,5 миң т кылчык жүндүн ордуна респ-канын колхоз, совхоз ж. б. мамл. чарбалары 1981-ж. 33,5 миң т жүн алып, мамлекетке сатса, анын 97% текстиль о. ж-ның баалуу сырьёсу — уяц ж-а чала уяц жүн болгон. Респ-канын эт балансынын 45%ин, ал эми тоолуу райондордо 90%ин кой эти түзөт. 1980-ж. 1-январда койдун саны 9,922 млнго жетип, анын 9 млндон ашыгы (92%) уяц жүндүү, 620 миңи (7,1%) чала уяц жүндүү, 80 миңи (0,9%) чала кылчык ж-а кылчык жүндүү болгон. Респ-канын бардык колхоз ж-а совхоздорунда ири кой чарба фермалары түзүлүп, алардын орточо өлчөмү 22,3 миң түлкө жетет.

Койдун жыштыгы б-ча Кыргыз ССРи дүйнөдө 1-орунду ээлеп, ар 100 *га* аянтка 83 кой туура келет. Жүндүн дүң кыркымы б-ча респ-ка СССРде 3-орунда. Кой чарбасын порода жактан кайта түзүү иши узак ж-а татаал жолду басып өттү. Кыргызстандын куйруктуу кой тобуна кирген жерг. кылчык жүндүү кой кунарсыз келип, негизинен калктын натуралай керегин кылчык жүн, эт-май, тери м-н гана камсыз кылып турган. 30-жылдардан кылчык жүндүү койлорду уяц ж-а чала уяц жүндүү койлор м-н аргындаштыруу аркылуу порода чыгаруу кеңири жайылтылган. Респ-канын колхоз-совхоздорунда кой породасын жакшыртуу иши 3 этапта: куйруктуу койлорду уяц жүндүү ж-а меринос койлор м-н жапырт аргындаштыруу; аргын койлорду кайчылаш аргындаштыруу; уяц жүндүү, тоолуу жайытка ылайык койлорду оркүндөтүү аркылуу жүргүзүлгөн. Аргын койлорду бири бири м-н аргындаштыруунун патыйжасында тоолуу жайыт шартына байымдуу, сапаттуу, жүндүүлүгү ж-а эттүүлүгү шайкеш кыргыз уяц жүндүү кою чыгарылган. Койлордун жаңы порода тиби бүткүл респ-кага таралып, бардык уяц жүндүү койлордун ичинен кыргыз уяц жүндүү кою пландагы негизги порода болуп калды. Кыргыз уяц жүндүү кою «Жоон-Төбө» асыл тукум кой з-дунда (азыркы М. Н. Лущихин атн.) чыгарылган. Бул порода 1956-ж. бекилер алдында болок чарбаларга («Оргочор», «Тамчы» асыл тукум з-ддоруна ж-а Киров р-нунун колхоздоруна) да таратылган.

Аргын койлордун ичинен 3 тиби тандалып алынып, изилденген: жүндүүлүгү ж-а эттүүлүгү шайкеш, жогору болуп, тоолуу жайытка багууга ылайык жүндүү-

«Исфана» к-зунун койлору. Ош обл.








Кичи-Жаргылчак жайлоосунда.
Кырчын жайлоосунда.




1



2




3



4




5



6

Жаңы чарбасы. 4. Жайытагы топтодор. Туп р-ну, Ысык-Көл обл; 2. Ангар эчкилери. Ленин атн. к-з, Ош обл., Фрунзе р-ну. 3. Жайытагы койлор. Совет е-зу, Талас обл., Токтогул р-ну; 4. Жайлоодо. №№ 54-жылкы з-ду, Ысык-Көл р-ну. 5. Уйлар жайытта. Ленин атн. к-з, Аламүдүн р-ну; 6. Бал нелекилер. «Төөлүкө» е-зу, Талас обл., Токтогул р-ну.




Жайлоодо.





Арстанбап жаңгак-жемиш токою. Араван анары.



Койду механикалаштырылган кулкадан өткөрүү. Чолпонбай ати. к-з. Талас обл., Киров р-ну.

эттүү тиби; эттүүлүк сапаты жакшы ж-а тоолуу жайытка чыдамдуу, бирок жүн сапаты төмөн эттүү-жүндүү тиби; жүнү сапаттуу, эти, экстерьери начар, тоолуу жайытка байымсызыраак жүндүү кой тиби. Асыроого ылайыктуу жүндүү-эттүү кой тиби жакшыртылып,


Кыргыз улак жүндүү коюнун кунардуулугу


Кой тобу	Орточо тирүү салмагы	Орточо жүн кыркымы			Орточо түкүмдөшү, % м-н
		кир жүн	чыгышы % м-н	таза жүн	
Түкүмдүк кочкорлор . . .	95—110	12	50	6,0	—
Тубар койлор . . .	58—62	4,5	53	2,4	135—140


кобойтүү ж-а улам өркүндөтүү иши жүргүзүлгөн. Кыргыз улак жүндүү коюнун жакшы өсүшү ж-а дене түзүлүшүнүн чымырдыгы м-н айырмаланат. Моюн териси саландап турат. Жүнү калың, бир кылка, ичке, кездеме токууга ылайык, б. а. узундугу 6,5 *см*ден кем эмес, ичкелиги 64- ж-а 60-сапатта. Чыбашы ак, ак саргыл. Кыргыз улак жүндүү коюнун 6-ча асыл түкүм иши Киров р-нундагы М. Н. Лущихин ат. асыл түкүм кой з-ду, Жети-Өгүз р-нундагы «Оргочор», Кочкор р-нундагы «Кочкор» ж-а Кара-Суу р-нундагы «Катта-Талдык» асыл түкүм з-ддорунда жүргүзүлөт. Бул кой жогорку чарбаларда, о. эле Ысык-Көл р-нунун «Тамчы», Тоң р-нунун «Улахол», Киров р-нунун «Көк-Сай» асыл түкүм совхоздорунда ж-а колхоздордун 18 асыл түкүм кой фермаларында кобойтүлүп, түкүмү жакшыртылууда. 70-жылдардын аягы — 80-жылдардын башынан жүндүн технологиялык сапаты 6-ча породаны дагы өркүндөтүү 6-ча иштер жүргүзүлүүдө.


Респ-када кыргыз улак жүндүү коюнан башка дагы тянь-шань чала уяк жүндүү породасы ж-а алай кою да асыралат. Тянь-шань кою Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында куйруктуу-прекос аргын тубар койлорун линиялык кочкорлору м-н аргындаштыруу аркылуу чыгарылган. Порода 1966-ж. бекитилген. Койлор тоолуу жайыттарда асыроого ылайыкташтырылып, эт ж-а жүндүүлүгү менен айырмаланат. Кочкорунун орточо салмагы 109 *кг*, жайкы семиз соолуктун орточо салмагы 55—60 *кг*. Тез жетилет. Породанын башкы өзгөчөлүгү анын жогорку сапаттуу эттүүлүгү м-н жакшы сапаттуу чала уяк жүндүүлүгүнүн айкалышкандыгында турат. Ар бир койдон орточо 2,6—2,8 *кг* таза жүн алынат. Жүнү бир түрдүү, ири кылдуу, ак түстүү, жалтырак, коншок, кылынын узундугу ж-а ичкелиги бирдей, жибек сымал. Кой чымырдыгы ж-а чыдамдуулугу м-н да айырмаланат. Ар бир 100 тубар койдон 110—115тен козу алынат. 1980-ж. 1-январдагы маалымат б-ча колхоз ж-а совхоздордогу бардык чала уяк жүндүү койдун 27,3%ин таза түкүмдүү тянь-шань породасы түзүп, Ак-Талаа, Тянь-Шань ж-а Тогуз-Торо р-ндорунда өстүрүлөт.


Чала кылчык жүндүү куйруктуу алай кою эки породаны (прекос-алай) ж-а үч породаны (прекос-алай-сарыжа) аргындаштыруудан чыгарылган. Алай кою 1982-ж. СССР а. ч. министерствосу тарабынан жаңы порода катары бекитилди. Алай койлору негизинен ак, бозу ж-а кызылы да кездешет. Ал койлор чоң, денеси чың, эттүүлүк ж-а жүндүүлүк сапаты шайкеш келип,




1


2


3



4

1. Кыргыз улаң жүндүү кою. 2. Тянь-Шань чала улаң жүндүү кою. 3. Алай кою. 4. Эчкинин кыргыз породасынын аргы-ны.

бийик тоолуу, катаал жайыт шартына чыдамдуу. Тукумдук кочкордун орточо салмагы 102 *кг*, соолугу 62 *кг*. Орточо жүн кыркымы кочкордон 5,2 *кг*, тубар койдон 2,8 *кг* болуп, жүндүн тазалыгы 65—70%. Алай коюнун жүнү чала кылчык, жылтылдак ак. Ал кроссбреддин ордуна да колдонулат. Ичке ж-а жоон жип ийрүүгө, токууга жарактуу. Алай коюнун жүнүнөн чала кыл торко, трикотаж кездеме ж-а килем токулат. Ар 100 тубар койдон 105—107 козу алынат. Алай коюнун саны 1980-ж. 80 миңге жетип, алардан 100 тга жакын жүн алынган.

Эчки чарбасы. Кыргыздар эчкини илгертен эле асырап келген. Азыялык тыбыттуу эчки тукуму болуп саналган кыргыз эчкиси чымырдуулугу, о. эле жыл бою жайытта багууга чыдамдуулугу м-н айырмаланат. Андан эт, сүт, тери, жүн ж-а тыбыт алынган. Бирок тыбыт, жүн аз чыккан. Жерг. кыргыз эчкиси 1936—38-жылдарда жакшыртылып, ангор ж-а придон породалары м-н аргындаштырылган. Кыргызстандын айрым чарбаларында жерг. кыргыз эчкисинен тыбыттуу ж-а жүндүү аргын эчки чыгарылган. 1980-ж. 1-январда

Соц. Эмг. Баатыры, чабан Т. Досбергеновдун отору. Лущихин атн. асыл тукум кой ч-ду. Талас обл., Киров р-ну.



реси-канын чарбаларында 221 миң эчки болгон. Эчки көбүнчө Ош обл-нын чарбаларында асыралат. 1980-ж. 1-январда колхоз, совхоздордо ж. б. мамл. чарбаларда тыбыттуу придон эчкисинин саны 55 миң тулкка жеткен. Булардын көбү Ош обл-нын Жаңы-Жол, Баткен, Алай, Ала-Бука р-ндорунда. «Жаңы-Жол» совхозундагы тыбыттуу эчкинин жаңы түрү чымырдыгы, тоолуу жайыт шартында багууга чыдамдуулугу жагынан озгочолонуп, саал кунардуу келет. Текесинин орточо тирүү салмагы 60—65 *кг*, эчкисиники 40—41 *кг*. Таза эти 46%ти түзөт. 1-класстагы эчкиден 0,3—0,4 *кг* тыбыт таралат; узундугу 9—10 *см*; ичкелиги 16—18 *мкм*. Терисинен түрдүү булгаары чыгарылат, о. эле тон тигилип, көрпө катары колдонулат. Жүндүү эчки Фрунзе р-нунун колхоз-совхоздорунда, Лейлек, Токтогул р-ндорунун айрым чарбаларында асыралат. Анын саны 1980-жылдын башында 35 миңге жакын болгон. Бул типтеги жүндүү эчкинин азыктуулугу: тукумдук текенин орточо тирүү салмагы 52 *кг*, тубар эчки 38,7 *кг*. Орточо жүн кыркымы текеден 2,6 *кг*, тубар эчкиден 2,0 *кг*. Жүндүн узундугу 18—23 *смге* жетет, ичкелиги 46—48-сапатты түзөт. Жүнү ак. 84% таза жүн чыгат.

М. Н. Лущихин

Уй чарбасы. Уй чарбасы а. ч. товар продукциясынын жалпы наркынын 17,7%ин, ал эми мал чарба продукциясынын 34%ин түзөт. 1980-ж. респ-кадагы уйдун

Уй чарбасынын өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү


Жылы	Уй, миң тулк		Ар инектин саалы, *кг*	Дүң азык-түлүгү, миң *т*	
	бардыгы	а. п инек		саалын алынган сүт (бардыгы)	уй эти, союлган салмакта
1925	321,7	142,1	480	50,0	—
1940	555,4	219,6	799	210,0	12,8
1950	661,8	222,4	661	213,0	16,4
1960	738,7	292,9	1837	401,0	34,3
1970	911,7	360,3	2125	548,4	41,3
1980	982,0	384,1	2686	681,7	60,8

саны 1925-жылга салыштырганда 3,2, сүттүн дүң саалы 13,3, уй эти 5 эсе көбөйдү.

Кыргызстан малдын арбындыгы б-ча СССРде алдыңкы орундардын биринде турат. Өгөрде 1932-ж. ар бир колхозго 32 уй туура келсе, ал 1979-ж. 1736га жетип, аның 617си инек болгон. Адистештирилген асыл тукум совхозго орточо 2276 уй, 730 инек, ал эми ар бир эт-сүт совхозуна 3339 уй, 1210 инек туура келген. А. ч-сын жүргүзүүдө соц. методдорду колдонуу, коомдук малды

сапат жактан кайра түзүү, породасын жакшыртуу мал чарбасына ири өзгөрүү киргизүүгө мүмкүндүк берди. Респ-канын уй чарбасы Совет бийлиги жылдарында селекционерлер түзгөн уйдун жаңы ала-тоо, олуя-ата породаларына негизделип өнүктүрүлүүдө. 1934-жылдан бери (асыл тукум малдын биринчи жолу эсебин тактаган жылдан бери) респ-ка б-ча жалпы уйдун саны 42,5 эсе көбөйүп, 1980-ж. 436,2 миңге жетсе, анын 383,8 миңи ала-тоо ую болгон. Бул иште уюштурууда 4 мамл. асыл тукум заводу, колхоз-совхоздордун 48 асыл-тукум фермасы, 7 асыл тукум совхозу, асыл тукум иши ж-а колдон уруктандыруу б-ча 15 мамл. станция зор комок берди.


Ала-тоо ую. 1950-ж. порода болуп бекитилген. Ала-тоо уюнун өңү күрөң, оркочу жазы, денеси чымыр, субагай, соорусу жайык, көкүрөгү кең, бут-туягы чың, орто желиндүү, эмчеги узун. Бийик тоолуу жайыт шартына ылайык бул порода өзүнүн сүттүүлүгү, эттүүлүгү жагынан жерг. кыргыз уюнан жогору турат. Ала-тоо породасы пландуу селекция — асыл тукум иштин натыйжасында алынган. Бул порода бардык зонада өстүрүлүп, 1980-ж. 146 миң ала-тоо инегинин ар биринин орточо тирүү салмагы 443 *кг*, сааны 2429 *кг*, сүтүнүн майлуулугу 3,82% болгон. Асыл тукум уй көп асыралган зоналарда алардын кунардуулугу мындан да жогору. Ала-тоо породасынын 500дөй эң кунардуу инегинин ар бири лактация мезгилинде 6—10 миң *кг* сүт берген. Ала-тоо ую — баалуу асыл тукум мал, 1950-жылдан бери 115 миңден ашык ала-тоо торпок-тапасы өстүрүлдү ж-а сатылды. Кыргызстандын асыл тукум малы



Ала-тоо уюнун инеги.

О. Азия, Казакстан, Закавказье ж-а айрым чет өлкөлөргө (Монголия, Афганстан, Кытай) тараган.

Олуя-ата ую респ-када көптөн бери асыралып келгендигине карабастан, 1974-ж. гана порода болуп бекитилген. Бул порода эң кунардуу малды тандап алуу, жакшы тоюттандыруу ж-а багуу жолу м-н чыгарылган. 1980-ж. олуя-ата породасы респ-када 52,0 миң болуп, 45,6 миңи же 83,1% таза тукум породага киргең. 29 жылда (1951—80) эң мыкты олуя-ата уюнун үлүшү 7 эсе көбөйгөн. Ал эми 1951-ж. 48 гана жогорку класстуу элита ж-а элита-чыгаан торпок-тана ж-а купаажын болсо, 1980-ж. 4600 тулкка же 78 эсе көбөйгөн. Олуя-ата ую сүттүү породага кирип, бардык мүчөсү жакшы өсүшү м-н айырмаланат. Соогу ичке, чың, тошу кең, буту катыңкы, муюну бекем, жону соорусунан сээрине чейин түз, өңү кара ала. Асыралган зонада (Талас өрөөнү) жылдык орточо сааны 2981 *кг*, а. п. Талас р-нунда 3180 *кг*, асыл тукум сектордо 3600—4000 *кг*. Олуя-ата уюнун асыл тукумдуулугу, кунардуулугу ж-а климатташуу сыяктуу баалуу касиети бул породанын өтүмдүүлүгүн арттырат. 16 жылдын (1963—80) ичинде




Фрунзе тажрыйба чарбасынын олуя-ата породасындагы уйлары.

асыл тукум чарбалары колхоз-совхоздорго 15 миңден ашык купаажын ж-а торпок-тана саткан.

Эки порода тең теги ж-а тукуму б-ча таза өркүндөтүлүүдө. Ала-тоо породасынын 6 заводдош, 3 генеологиялаш теги ж-а олуя-ата уюнун 5 генеологиялаш теги түзүлгөн. Тектеш инектердин сааны жогору келип, ар инектен 4500—5500 *кг* сүт саалат, сүтүнүн майлуулугу 3,8—4,2%. Эң мыктысы 10 300 *кг*га чейин сүт берет, ал эми жерси ую м-н аргындаштырылган инектин сүтүнүн майлуулугу 4,5—5%ке жетет да, жаңы о. ж. технологиясына ылайык келет. Респ-када эң кунардуу уй породаларын чыгаруу б-ча генетика жагынан зор илимий тажрыйба бар. Муну туура пайдалануу уй чарбасын өстүрүүдө көп пайгилик алып келүүдө. Тармактын мындан ары жакшырышы аны ургаал өнүктүрүү м-н аныкталат. Бул жагынан респ-када бир катар уюштуруу иштери жүргүзүлүүдө; мыкты механикалаштырылган ферма ж-а сүт комплекстери курулууда, мал бордоочу ортоктош бирикмелер түзүлүп, асыл тукум иши өркүндөтүлүүдө. Мал чарбасын туура жайгаштырууга, адистештирүүгө ж-а топтоштырууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттырууга, эмгек чыгымын азайтуу м-н бирге аның продукциясын көбөйтүүгө зор көңүл бурулуп жатат.

Топоз чарбасы — Кыргызстандын мал чарба тармагынын бири. Топоз бийик тоолуу жерде (деңиз деңгээлинен 2,5 миң *м*ден жогорку бийиктикте) жайлайт. Респ-када бийик тоолуу жайыт көп. Мында болок мал багуу мүмкүн эмес же кыйын, экон. пайдасы аз. Бул аймактарда топоз багуу зор натыйжа берет. Жерг. эл топозду байыркы убактан бери эле асырап келген, бирок ал кийинки жылдардан баштап гана эл чарбалык маанеге ээ боло баштады. Топоз 126 чарбада асыралат. Колхоз, совхоздордогу ж-а тажрыйба чарбаларындагы топоздун жалпы саны 1981-ж. 66,1 миңге жеткен. Топоз арзан эт ж-а тери берет. Эти негизинен колбаса даярдоодо колдонулат. Инек топоздун орто салмагы 280—320, букасыныкы 400—450 *кг*, таза эти ж-а майы 52—56%ти түзөт. Жайкысын саалат. Күз башталганда же ыңгайсыз кургакчылык аба ырайына байланыштуу сааны токтотулат. Саан 2,5—3 айдан ашпайт. Сүттүүлүгү анчалык эмес, жылына орточо 500—700 *кг*ды түзөт. Сүтүнүн майлуулугу 12%. Топоздон жүн ж-а кыл алынат, кыркымы жаш топоздон 0,8—1,9 *кг*, чоң топоздон 2,0—3,2 *кг*га жетет. Топоздун жүнүнөн пооту чыгарылып, ал койдун кылчык жүн ноотусунан кем калышпайт. Топоз чарбасынын продукциясынын оз наркы арзан, себеби ал үчүн тоют кам-доого, курулуш салууга каражат жумшалбайт. Респ-канын чарбалары б-ча орто эсеп м-н 1 *ц* топоз этинин оз наркы 25—30 сомду түзөт же уй этинде салыштырганда каражат 3—3,5 эсе аз сарпталат. Бул тармакта да селекция — асыл тукум иши жүргүзүлүүдө. Нарын обл-ндагы Ат-Башы р-нунун Калинин атн. колхозунда, Ош обл-нын Алай р-ндагы Ленин атн. совхоздо асыл тукум топоз фермалары түзүлгөн. Респ-канын эл чарбасын өнүктүрүүнүн перспективалуу планында топоз санын бир кыйла көбөйтүү белгиленген.



Респ-каның бийик тоолуу болугундө (деңиз деңгээлинен 4000 *м* бийиктикте) 1240 миңден ашык *га* жер бар, жайыт чобунун орточо түшүмдүүлүгү 4 *ц/га*, бул жайыттарда перспективалуу планда белгиленген санда топоз асыроого болот.

Классификация б-ча топоз турга жакын, мүйүздүү бодо малга кирет. Топозду зебу ж-а уй м-н кайчылаштыруудан аргын алынат, туңгуч аргын инек топоз тукумдайт, букасынан тукум чыкпайт. Инек топоз м-н уйдун букасын кайчылаштыруудан алынганы — аргын уйга, ал эми тескерисинче кайчылаштыруудан алынганы топозго окшошураак болот. Аргындаштыруудан алынган биринчи тукум гетерозиси м-н айырмаланат, чоң ж-а сымбаттуу келип, эттүүлүк сапаты жогору турат (таза эти 56—62%ти түзөт). Аргын инек топозго салыштырганда бир кыйла сүттүү келип, жылына 4000 *кгга* чейин сүт берет. Сүтүнүн майлуулугу 4,5—6,5%. *А. З. Кенгко, Ю. Г. Быковченко, Б. Сарбагышев*


Жылкы чарбасы. Кыргызстанда жылкы чарбасы рев-ярга чейинки кочмон ж-а жарым кочмон чарбачылыкка ылайыкталып, жайынча өнүгүп келген. Совет бийлигинин биринчи жылдарында кыргыз жылкысын жакшыртуу б-ча иш чаралар жүргүзүлгөн. 1919-ж. Өрүктү рассадниги негизделип, анын базасында 1926-ж. дон жылкысын тукумдатуу б-ча Ысык-Көл жылкы з-ду түзүлгөн. 1927-ж. Сов. Союзундагы эң ири Нарын жылкы заводу негизделген. Ысык-Көл ж-а Нарын жылкы заводдорун болуу аркылуу Тогуз-Торо, Кыргыз, Талас ж-а Ош жылкы заводдору уюшулган. Жылкы заводдору м-н катар мамл. завод аткана ж-а мамл. асыл тукум рассадниктери иштейт. Респ-каның жылкы чарбасынын илимий кызматкерлери ж-а адистери жылкынын жаңы кыргыз породасын чыгарды. Бул породада дон жылкысынын бийиктиги, эткээлдиги, кеңирээк таралып, респ-каның колхоз ж-а совхоздорунда жылкы чарбасын жакшыртууда башкы тукум болуп калды. 1979-ж. респ-када жаңы кыргыз, дон, таза кандуу минги, Орлов ж-а таскактуу жылкы породаларын өстүрүүчү 6 асыл тукум жылкы заводу болгон. Колхоз-совхоздордо 49 асыл тукум жылкы фермасы уюшулган. Колхоз ж-а совхоздордун жылкы чарбасын өнүктүрүүдө ипподрому бар 4 мамл. завод аткана (Фрунзедеги респ-калык ж-а Ысык-Көл зоналык ипподромдору) зор жардам көрсөтүп турат. 1981-ж. чарбанын бардык түрүндө 204,5 миң жылкы болгон. Ар бир чарбага орточо 650 туяк туура келген. Кыргызстанда лишимдүүлүгү, таза кандуу минги жылкынын омоктуу; кыргыз жылкысынын чымырдыгы, тоодо чаалыкпастыгы, жыл бою жайытта багууга ылайыктыгы, тукумчулдугу ж-а сүттүүлүгү шайкеш келет. Бул жылкы кеңири таралып, респ-каның колхоз ж-а совхоздорунда жылкы чарбасын жакшыртууда башкы тукум болуп калды. 1979-ж. респ-када жаңы кыргыз, дон, таза кандуу минги, Орлов ж-а таскактуу жылкы породаларын өстүрүүчү 6 асыл тукум жылкы заводу болгон. Колхоз-совхоздордо 49 асыл тукум жылкы фермасы уюшулган. Колхоз ж-а совхоздордун жылкы чарбасын өнүктүрүүдө ипподрому бар 4 мамл. завод аткана (Фрунзедеги респ-калык ж-а Ысык-Көл зоналык ипподромдору) зор жардам көрсөтүп турат. 1981-ж. чарбанын бардык түрүндө 204,5 миң жылкы болгон. Ар бир чарбага орточо 650 туяк туура келген. Кыргызстанда

Породалуу жылкынын өсүшү (миң)

Жылкы породасы, тобу	1950	1955	1964	1969	1981
Бардык породалуу жылкы	71,8	101,2	92,3	118,4	133,6
а. и.:					
жаңы кыргыз породасы	—	36,8	60,0	93,9	114,0
дон породасы	29,1	43,3	17,9	7,6	3,3
таза кандуу минги порода	26,3	10,6	1,3	0,9	0,7
таскактуу порода	5,7	6,6	12,3	15,1	15,3
ж. б. породалар	10,7	3,9	0,8	0,9	0,3

Жылкы чарбасы б-ча салыштырма көрсөткүчтөр (жыл б-ча)

	Жылы			
	1966	1971	1976	1980
Колхоз, совхоздордогу ж-а тажрыйба чарбаларындагы жылкы, миң баш	191,5	218,9	202,1	203,8
а. и.:				
Ош обл.	60,9	70,4	67,7	62,8
Ысык-Көл обл.	38,4	40,5	39,1	38,7
Нарын обл.	39,2	48,7	43,6	40,4
Респ-кага караштуу р-ндор	53,0	59,3	51,7	61,9
Күч унаа жылкы	84,7	83,2	78,7	75,0
Бээ	46,5	53,7	49,6	48,9
Алынган кулун	21,8	29,9	23,8	31,0
Ар 100 бээден алынган кулун, баш	48	58	47	64
Кымыз ачытуу, *т*	941	1996	1570	2414
Мамлекетке кымыз сатуу, *т*	641	1416	1374	2010
Мамлекетке жылкы этин сатуу, *т*	1049	4531	8217	6008
Асыл тукум жылкы сатуу, баш	258	710	795	910
а. и. айгыры	258	536	577	600
Асыл тукум жылкыны ипподромдо сыноо, баш	790	770	840	890



Кыргыз жаңы жылкысынын айгыры.

75 миң көлүк жылкы болуп, алар негизинен бийик тоолуу жайытта малчылардын мингичи, дыйканчылык райондорунда күч унаа катары да пайдаланылат.

70-жылдарда жылкыны үйүр-үйүрү м-н багуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлдү. Калкты ж-а курортторду кымыз м-н камсыз кылуу б-ча кымыз фермалары иштей баштады. Фрунзе ш-нын айланасында адистештирилген 10 ферма иштейт. 1979-ж. мамлекетке 6,3 миң *т* жылкы эти сатылып, 2,1 миң *т* кымыз өткөрүлгөн. Кыргыз жылкычылары асыл тукум жылкы фермаларында баалуу породалардын тай-кунанын өстүрүп, аларды өлкөнүн ар түрдүү р-ндоруна ж-а респ-каның чарбаларына таратат. Жылкы мал чарбасынын эң пайдалуу тармагы экендигин көп жылдык тажрыйба көрсөттү. Үй ж-а чочко этин белендөөгө караганда кымыз ачытуу м-н жылкы этин камдоого каражат аз жумшалат. А. ч-сын адистештирүүнүн перспективалуу планында өндүрүштү кеңири адистештирүүнүн ж-а орток чарба кооперациясынын негизинде респ-каның жылкы чарбасын кайрадан уюштуруу маселеси каралууда. Жылкысы көбүрөөк чарбаларда эт белендөөгө адистештирилген 26 жылкы фермасы уюштурулат. Кымыз ачытуу б-ча атайы адистештирилген фермалардын саны көбөйтүү белгиленди. Алардын ар биринде 200дөн 400гө чейин саан бээ болот. Типтүү аткана куруу, эгилме жайыт түзүү сыяктуу жылкы чарбасынын материал базасын жакшыртуу б-ча иш чаралары жүргүзүлүүдө. Адистештирилген фермаларда жылкынын кунардуулугу жогорулатылууда. Товарлай продукциянын бир түрүн чыгарууга гана адистештирилген район ичиндеги орток колхоз кооперациясы өнүгүп жатат. Респ-када ат спортунун ж-а туризмдин өсүшүнө, спорт ж-а эт жылкысын экспорттоого, жылкы чарбасын өнүктүрүү үчүн тукумдук жылкы даярдоого көбүрөөк маани бериле баштады. Кыргызстандын жылкы чарбасын терең адистештирүүнүн, жылкы багууну ж-а тоюттандыруу ыкмасын жакшыртуунун негизинде бул тармактын натыйжалуулугун жогорулатууга зор мүмкүнчүлүктөр бар. *Ж. Толгонков*

Чочко чарбасы. Кыргызстандын мал чарбасынын кийинчерээк кеңири өнүгүп бараткан тармагы. Чочко этин респ-ка б-ча жалпы эт даярдоонун 10—11%ин, ал эми Чүй өрөөнү б-ча 26%ин түзөт. Мында бардык чочконун негизги бөлүгү (77,5%) топтоштурулуп, чочко этинин 80% белендет. Чочко этин даярдоодо асыл тукум чочко породаларын өстүрүү башкы маанеге ээ. Респканын бардык зонасында чочконун негизги пландуу породасы ири ак чочко болуп эсептелет. Ал жакшы климатташкан ж-а кунардуулугу жогору (төлү 10—11 ж-а андан көп, бөлүү алдында бардык төлүнүн салмагы 150—160 *кг*, 100 *кг* салмактагы торопой мегежин 181 күндөн 245 күнгө чейин жетилет. Жеген тоютун үстөк м-н акташы 3,3төн 5,1ге чейин тоют бирдигин түзөт. 53,7%тен 72%ке чейин эт чыгат). Породанын кунардуулук сапатын арттырууда порода ичинде жүргүзүлүүчү селекциянын перспективасы зор. Пландуу породанын дагы бири — түндүк кавказ породасы. Бул порода чымырдыгы ж-а кунардуулугу (төлү 10 торопой, бөлүү алдында бүт төлүнүн салмагы 121 *кг*) м-н айырмаланат. Чочко чарбасынын натыйжалуулугу көбүнчө асыралуучу породанын сапатына, аны тынымсыз оркундөтүп турууга байланыштуу.

Чочконун кунардуулугун жогорулатуу ж-а арбын азык-түлүк алуу үчүн тоют базасын түзүү ж-а тоют ресурстарын рационалдуу түрдө пайдалануу керек. Өнөр жайлык чочко чарбасы көбүнчө жемге, баарыдан мурда, чарбаны ургаал өстүрүүгө жардам бере турган данга негизделет. Респ-када 70-жылдардын ичинде чочконун саны өсүп, кунардуулугу жогорулап, чочко эти көбөйгөн ж-а чочкону топтоштуруу иши жүргүзүлгөн. Эгерде 1946-ж. респ-када 19,4 миң чочко болсо, 1981-ж. 330 миңге жеткен. Чочко чарбасы — респ-када эт белендөөнүн маанилүү резерви. Мындан ары бардык чочко чарбасы ө. ж. негизине которулат. *М. И. Пагавичина*


Куш чарбасы. Кыргызстанда жакынкы мезгилдерге чейин эле куш чарба тармагы начар өнүгүп келген. Коомдук куш чарбасын түп тамырынан бери кайра өзгертүүдө КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин «Жумуртка жана куш этин белендөөнү өнөр жай негизинде уюштуруу жөнүндөгү» (1964) токтому чечүүчү мааниге ээ болду. Бул токтомдун негизинде ири ө. ж. комплекстери респ-канын түштүгүндө — Кара-Суу, Жалал-Абад куш ф-калары, түндүгүндө — Сокулук, Фрунзе, Аламүдүн ф-калары курулду. Ири куш фабрикаларын уюштуруу, илим м-н алдыңкы тажрыйбаны өндүрүшкө киргизүү, жаңы тоок тобун ж-а эң кунардуу тоок тукумун түзүү жумуртканын алынышын көбөйтүү. Эгерде 1964-ж. ар кимдиңдан 71ден жумуртка алынса, 1980-ж. анын саны 181ге жетти. Жумуртка ж-а эт чыгаруучу куш фабрикаларын уюштуруу м-н катар Ош обл-нда кооперация негизинде эт белендөөчү орток бирикмелер, ал эми колхоз ж-а совхоздордо ири асыл тукум куш фермалары түзүлдү. Куш өстүрүү иши өз көмөк чарбада да кеңири жайылтылды. Респ-каның чарбаларында тоок, өрдөк ж-а каз порода тобу ургаал өстүрүлүп жатат. Күштү капаста багуу уюштурулуп, оор жумуш механикалаштырыла ж-а автоматташтырыла баштады. Инкубатор-куш асыроо станцияларынын жабдуулары оркундөтүлүүдө. Сырттан алынып келинген ж-а жерг. куштардын кунардуу тукумун ж-а кроссторду пайдалануу м-н асыл тукум-селекция иштери жүргүзүлүүдө. Ат-Башы, Ысык-Ата асыл тукум з-ддору респ-каның куш чарбалары м-н фермаларына тукумдук жумуртка ж-а бир күндүк жөжө берип турат. 1976-жыл-

Чарбанын бардык түрү б-ча азык-түлүктүн алынышы

	1940	1960	1965	1970	1975	1980
Жумуртка (млн даана): чарбанын бардык түрү б-ча	46,6	163,2	189,6	268,0	361,2	416,0
а. и.: совхоздор ж. б. мамл. чарбалар	0,2	8,5	19,1	81,7	155,8	209,6
андан: совхоздор	0,2	7,4	17,6	79,7	154,7	208,7
колхоздор	2,5	21,5	28,5	33,1	34,6	28,7
колхозчулардын оз көмөк чарбалары	33,5	78,9	72,0	71,5	72,9	72,2
калктын башка тобунун оз көмөк чарбалары	10,4	54,3	70,0	81,7	97,9	102,3
Эт (миң *т*)	0,6	5,2	5,7	8,2	10,5	14,9

дан респ-кадагы 5 асыл тукум ферма кыргыз тоогунун порода тобун өстүрүп жатат. Жылына 1 млндон ашык жумуртка инкубацияланат. *А. Канметов*

Аары чарбасы. Респ-канын табигый-климат шарты аары чарбасын ийгиликтүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Мында коптогон аянтта чандаштыруунун талап кылуучу көп жылдык чөп, момо бак, жашылча-жемиш, бакча ж. б. өсүмдүктөр өстүрүлүп, алар аары үчүн тоют базасын түзөт. Тоолордо оскон ар түрдүү табигый чөп, караган, бадал өсүмдүктөрү бал жыйноого, ал эми аары болсо аларды чандаштырып, түшүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет. Биринчи бакма аарыны



Тоодогу аары чарбачылыгы.

орус келгиндери 19-кылымдын 70-жылдарында Пржевальск уездине алып келишкен болчу. Кыргызстандын түштүгүндө аары чарбачылыгы м-н кесиптенүү 20-кылымдын башында гана башталган. Совет бийлиги жылдарында колхоздордо бул ири кирешелүү тармак түзүлө баштап, 1932-ж. респ-када 56 колхоз бал челекчилиги болгон. Рев-ярга чейин ар бир бал челектен 5—6 *кг*дан гана бал алынса, 1935-ж. 35 *кг*дан алынган. 1939-ж. респ-када 73 миңге жакын аары уюгу болуп, алардын киреше си 6300 миңден ашык сомду түзгөн. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында аары уюгунун саны кескин азайып, азыктуулугу төмөндөгөн. Согуштан кийин аары чарбасы кайрадан кеңири жайылтыла башталган. 1950-ж. респ-канын 793 колхозунун 310у аары чарбасын жүргүзгөн. 1977-ж. аары чарбасын адистештирүү ж-а топтоштуруу б-ча иш башталып, 23 миңден ашык аары уюгу бириктирилип, 5 аары совхозу ж-а 4 орток чарба уюштурулган. Алар 23 миңден ашык аары уюгун асыраган. Тармактын өсүшүнө жетекчилик кылуу үчүн 1976-ж. респ-калык өндүрүш бирикмеси — «Кыргызпчелопром» түзүлгөн. 1980-ж. респ-канын коомдук секторунда 68,6 миң, ал эми калкта 107,2 миңдей аары уюгу болгон. 115 колхоз, 68 совхоз, 19 токой чарбасы ж-а 25 башка ишкана аары асыраган. Мамлекетке бал сатуу б-ча Кыргызстан СССРде РСФСР м-н Украинадан кийинки 3-орунда турат. Ар бир бал челектен 45—50 *кг*дан бал алынат. 1981-ж. респ-ка мамлекетке 762 миң *т* бал сапкан.

И. Т. Мартынов

Балык чарбасы. Респ-канын балык чарбасы—а. ч-ныи жаңы тармагы. Ал 1965-ж. Кыргыз ССРинин балык чарба башкармасы уюшулгандан тартып пландуу өнүгө баштады. Анын ири көлмө балык чарбасын өстүрүүгө, көл, дарыя ж-а суу сактагычтарында балык запастарын көбөйтүүгө, о. ж-лык балык чарбасын уюштурууга, балык продукциясын белендоого ж-а аны калкка жеткирүүгө багытталган. Респ-канын экономикасында балык өндүрүшүнүн үлүшү анчалык чоң эмес. Балык өндүрүшү уюмдашкандык м-н жүргүзүлүүчү бирден бир табигый — Ысык-Көл. 1979-жылдагы маалымат б-ча мында жылына жалпысынан 6 миң *ц* балык кармалган. Ысык-Көлдүн балык фаунасы байырлашкандары (севан жилингири, судак, лещь, карп, сиг балыктары) м-н бирге 22 түр ж-а 4 формадан турат. Уучулук жерг. балыктар: алабуга, көк чаар, чабак, май чабак, кацылтыр. Респ-када Ысык-Көл балык комбинаты балык уулап, андан азык-камдайт. Мында балык азыгы жаңы бойдон, сүрсүтүлгөн же күнгө кургатылган, туздалган түрдө чыгарылып турат.

1979-ж. респ-када мамл. 3 балык чарбасы (Фрунзе, Өзгөн ж-а Талас) иштеген. Көлмөлөрдүн жалпы аянты 774 *га*ны түзүп, анын 747си балык эттендирүүчү, калганы балык өстүрүүчү аянт. Карп, ак амур ж-а дөң мандай балыктар өстүрүлөт. Мамл. балык чарбаларында 6300 *ц*ге чейин балык даярдалып, калкка сатылат. Мамл. балык чарбалары товарлай балыктан тышкары мамл. балык чарбаларынын, колхоз ж-а совхоздордун көлмөлөрүнө көө берүү үчүн тукумдук балык өстүрөт. Баалуу балыктар Ысык-Көлдөгү Тоң, Каракол заводунда тукумдаштырылат. Заводдордо жылына 17,6 млнго чейин жилингир, 6,2 млн алабуганын ж-а 50 млндон ашык сиг балыгынын уругу инкубацияланат. Алар Ысык-Көл, Соңкөл, бир катар көлмө ж-а суу сактагычтарда өстүрүлөт.

У. Абдыгулов

ДЫЙКАНЧЫЛЫК

Жайыттар жана шалбаалар. Айыл чарбасынын негизги тармагы — мал чарбачылыгы, айрыкча кой чарбасы чоң мааниге ээ. Кыргызстандын 8854,1 миң *га* жер аянтын табигый жайыт ж-а 226,6 миң *га*ны чабынды ээлейт. Жыл мезгилине жараша жайкы жайыттын үлүшүнө 52% (орто түшүмдүүлүгү 6—8 *ц/га*), жазгы—күзгүгө 22% ж-а кышкыга 26% (2—4 *ц/га*) туура келет. Жалпы жайыт тоютунун жылдык запасы орто эсеп м-н 4,5—5 млн *т*га жетет. Жайыт — арзан ж-а баалуу кок тоюттун негизги булагы. Бардык табигый жайыт аянтынын 3642,7 миң *га* жери мал оторлотмо жайыттыу түзүп, алар Алай, Чаткал, Арпа, Кызыл-Жар ороондорүндө, о. эле Ысык-Көл сыртында, Кепес-Аңыракайда, деңиз деңгээлинен 500—3500 *м* бийикте, чарбалардан 150—500 *км* алыста жайгашкан.

Респ-канын климат шарты малды жыл бою жайытта багууга мүмкүнчүлүк берет. Кой негизинен табигый жайытта багылат. Тоолуу райондордун көп чарбасында кой жылына 290—320 күн жайытта асыралып, жыл бою дээрлик жайыт чөбүн оттойт.

Жайытты ж-а тоют запасын туура пайдалануу малдын кунардуулугун жогорулатып, жүндү көп алууга, төлдүн жакшы өсүшүнө жардам берет. Мал чарбасынын негизги милдети — зооветеринария эрежелерин так колдонуу, жайытты туура пайдалануу, малды ар кыл аш болумдуу тоют м-н жыл бою камсыз кылуу. Мал чарбасы үчүн жайкы—күзгү жайыттар чоң мааниге ээ. Алар кыштан чыккан малды белокко бай көк чөп м-н камсыз кылат. Күзүндө мал жайыттарда колдон уруктандырылат. Жайкы жайыттар аянты ж-а тоют запас-



Революцияга чейинки Кыргызстанда таруу оруу.

тары б-ча жазгы — күзгү — кышкы жайыттардан эки эсе көп келет. Кышкысын мал кар аз түшкөн, шамал учуруп кеткен, бат эриген күңгөй беттерге жайылат. Кышкы жайыттар өсүмдүктөрдүн вегетация мезгили аяктаганда пайдаланылат.

Кыргызстандын шартында чөп чыгуу мезгилине карата жайыттар бир нече типке бөлүнөт. **Чөл жайыттары** негизинен кой м-н жылкы үчүн жазында, күзүндө ж-а кышында пайдаланылат. Тоют катары керектелүүчү чөбү 2—4 *ц/га*. **Талаа жайыттары** боксо тоолордо болуп, 5 млн *га* (респ-канын жайыттарынын 60%) аянтты ээлеп, түшүмү 3—11 *ц/га*. Негизинен жайкы ж-а күзгү жайыт катары пайдаланылат. **Шалбаа жайыттары** токой-шалбаа, субалы, альп алкактарында деңиз деңгээлинен 800—3400 *м* бийиктикте болот. Жайыттардын түшүмдүүлүгү 15 *ц/га*га жетет. Эгилме жайыттар көп жылдык чөп өстүрүүнүн негизинде түзүлөт.

М. Акынбаев

Дан чарбасы. 1913-ж. дан эгиндери бүткүл айдоо аянтынын 555,5 миң гектарын же 86,8%ин ээлеп, түшүмдүүлүгү 7,8 *ц/га*га жеткен. Совет бийлиги жылдарында Кыргызстандын айдоо аянты кыйла кеңейтилип, 1930-ж. дан эгиндери 590 миң *га*, 1935-ж. 809,4 миң *га*га айдалган. Туташ коллективдештирүү м-н материалдык-техникалык базанын чыңалышы респ-када дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүнүн ж-а дандын дүң жыйымынын өсүшүнө алып келди. 1956—60-ж. дан эгиндеринин түшүмү 9 *ц/га*, дүң жыйымы 606,6 миң *т*га жеткен.

Сугат ж-а кайрак жерлердеги дан эгиндеринин айдоо аянты, түшүмдүүлүгү ж-а дүң жыйымы (орто эсеп м-н жылына)


Көрсөткүчтөр	1965	1966—1970	1971—1975	1976—1979
Айдоо аянты (миң *га*) . . .	607,0	594,5	562,7	572,4
а. н.:				
сугат жерлерде	263,9	270,6	265,4	267,7
кайрак жерлерде	343,1	323,9	297,3	304,3
Орто түшүмдүүлүгү (*ц/га*) . .	9,2	15,1	18,4	23,2
а. н.:				
сугат жерлерде	13,4	19,8	27,5	33,4
кайрак жерлерде	6,0	11,1	10,3	14,3
Дүң жыйым (миң *т*)	560,0	896,3	1037,8	1328,9
а. н.:				
сугат жерлерде	353,6	536,3	730,1	894,8
кайрак жерлерде	206,4	360,0	307,7	434,1


Өзгөчө сугат жерлерден арбын түшүм алынат. Күздүк буудай, жүгөрү, жаздык арпанын түшүмдүүлүгү артууда. Сугат жерлер жылдык дандын дүң жыйымынын 63%ин берет.

Түшүмдүүлүктү жогорулатууда химиялаштыруу, минерал жер семирткичтерди колдонуу негизги мааниге ээ. Минерал жер семирткичтерди респ-канын а. ч-на жеткизүү жылдан жылга көбөйүүдө.


1979-ж. ар бир гектар жерге 149 *кг* минерал ж-а 2,7 *т* органикалык жер семирткич чачылган. Анын көп-

СК-5 «Нива» комбайны м-н өгүн жыйноо.





Витаминдүү ун далдоо.



чүлүгү техникалык, жашылча ж. б. өсүмдүктөргө көректелет. 80-жылдарда кошумча дүң жыймдын көпчүлүк бөлүгү дан эгиндерине чачылган жер семирткичтердин эсебинен алынат. Айдоо жердин кыйла бөлүгүнө күздүк буудай эгилет. Ал дан эгин аянтынын жарымын ээлейт. Жаздык эгин да, көбүнчө арпа м-н дандык жүгөрү өстүрүлөт.

Респ-канын ар кайсы зонасында жерг. шартка туура келүүчү сортторду тандоочу мамл. сорт сыноо участкалары бар райондор б-ча күздүк буудайдын — Безостая 1, Эритроспермум 80, Интенсивная, Пржевальск, Красноводопадская 210; жаздык буудайдын — Интенсивная, Эритроспермум 841; күздүк арпанын — Кыргыз 247, Паллидум 596, Персикум 64, жаздык арпанын — Комбайнер, Нарын 27, Унион, Персикум 64; сулунун — Победа, Марктон, Астор; буурчактын — Рамонский 77, тоют маш буурчагынын — Пикулович 1; жүгөрү гибриддеринин — Краснодар 4 ТВ, Краснодар 5 ТВ, Чүй П-466, Имерети сорттору кеңири таралган. 1981-ж. сорттуу дан эгиндери 99,8%, а. и. райондоштурулган сорттор 89,2%ти түзгөн. Эгин өстүрүү ыкмасын

Айыл чарбасына жеткизилген минерал жер семирткичтер (орто эсеп м-н жылына)

Жер семирткичтер, миң *т*	1960	1961—65	1966—70	1971—75	1976—80
Шарттуу бирдикке которгондо	177,9	261,7	526,7	799,9	982,4
а. и.:					
азоттуу	86,0	150,0	305,0	448,1	569,1
фосфаттуу . . .	89,9	106,4	206,4	319,6	367,5
калийлүү . . .	2,0	5,3	15,3	32,2	44,8
башка минерал жер семирткич	—	—	—	—	1,0

изилдөө, селекция иштерин Кырг-н дыйканчылык ил. ондүрүш бирикмеси, анын чарбалары жүргүзөт.

М. И. Доненко


Эгилме тоют өсүмдүктөрү. Эгилме тоют өсүмдүктөрү респ-канын мал чарбасынын чың тоют базасын түзүп, колхоз-совхоздордо алардын аянты жылдан жылга кеңейүүдө. 1913-ж. эгилме тоют өсүмдүктөрү Кыргызстандын жалпы айдоо аянтынын 29,2%ин түзүп, 187 миң *га* жерди ээлеген. 1979-ж. бул өсүмдүктөр 536 миң *га*, ал эми жемдик өсүмдүктөр м-н бирге 800 миң *га*га жакын же а. ч. өсүмдүктөрүнүн айдоо аянтынын 60%ин ээлеген. Айдоо аянтынын ичинен эгилме тоют өсүмдүктөрүнүн салыштырма өлчөмү 41,0%ке, 1940-жылга салыштырганда 3 эсе өскөн.

Эгилме тоют өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты

Айдоо аянты, миң *га*	1940	1950	1960	1970	1980
Жалпы айдоо аянты .	1056	1061	1196	1264	1271,8
а. и.:					
бардык тоют өсүмдүктөрү	141	205	439	490	548,6
булардан:					
көп жылдык чөптөр . .	108	161	229	302	361,9
силостук ж-а көк тоюттук жүгөрү	—	—	112,8	87,0	84,6

Келечекте респ-канын тоют балансынын 60% айдоодон алынат, тоют ж-а жемдик чөп өсүмдүктөрдү айдоонун салыштырма өлчөмү 70%ке жетет. Респ-када беде, эспарцет, уй беде, кашка беде, кылкансыз түбү


Энгельс атн. к-здун жүгөрү талаасы. Москва р-ну.






1



2



3


4



5



6



7



8


Өнөр жайы. 1. Л. И. Брежнев М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машиналарын куруу з-дунда. 1970. 2. Кадамжай сурьма комбинаты. 3. Кочкор-Атадагы нефть чыгуучу жерде. 4. Фрунзе автомобиль кураштыруу з-дунун даяр продукциясы. 5. Кант цемент-шифер комбинатында. 6. Токмок айнек з-дунун жалпы көрүнүшү. 7. Фрунзе пластмасса буюмдар з-дунун пресстөө цехи. 8. Фрунзе ш-нын Чыгыш өнөр жай зонасы.


















Өнөр жайы. 1. Хайдаркен сымап кенинде. 2. УБА-1 универсал бургулоо агрегаты. 3. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргыз полиграфия комбинатынын басма цехи. 4. Рыбачье порту. 5. ТЭЦтин машина залы. Фрунзе. 6. Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын ийруу цехи. 7. Октябрдын 40 жылдыгы атн. тигүү фабрикасы. Тигүү цехинде. 8. Фрунзе булгаары з-дунун сумка цехинин негизги конвейери.


бош, ак сокто, шалбаа бөтөгеси, тарак баш, көп жолу чабылуучу жайыт райграсы айдалат. Момо тамырлуу өсүмдүктөрдөн — брюква, тоют ж-а кант кызылча, кар-

Эгилме тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү

Өсүмдүктөр (*ц/га*)	1940	1950	1960	1970	1980
Көп жылдык чөп чабынды	23,0	35,5	42,6	46,6	52,6
Бир жылдык чөп чабынды	10,7	19,1	15,0	20,0	21,1
Тоюттук момо тамырлуу өсүмдүктөр . .	182,0	136,0	112,0	430,0	327,0
Силостук ж-а кок тоюттук жүгөрү . . .	—	—	181,0	256,0	281,0

тошка, жер алмуруту; силостук өсүмдүктөрдөн — жүгөрү, күнкарама, тоют маш буурчагы; кок тоютка — кара буудай, сулу, арпа; жемдик өсүмдүктөрдөн арпа, сулу, жүгөрү өстүрүлөт.

Көп жылдык чабынды чөптүн көбү беде м-н эспарцет (98—99%). Беде көп таралган ж-а түшүмдүү. Респ-канын түн. р-ндорундагы сугат жерлерде 4 жолу,



ПС-1,6 чөп таңгактагычы м-н чөп жыйноо.

түштүгүндө 5 жолу чабылат. Чабынды чөптүн орто түшүмү 140—150 *ц/га* (600—700 *ц/га* көктой чөп). Боз топуроктуу, шалбаа топуроктуу өрөөндөрдө ж-а тоо этектеринде беде метеорология шартына ылайык жылына 1—2 жолу чабылат. Чөбүнүн түшүмү 25—50 *ц/га*. Беденин 2 жерг. сорту райондоштурулган: Түш. Кыргызстанда — Өзгөн, Түндүгүндө Токмок сорттору өстүрүлөт.

Тоо алкактарында эспарцет өстүрүлөт. Ал тез өсүп, биринчи жылы эле 20—25 *ц/га* чөп чабылат, экинчи жылы 3 жолку чабыктын түшүмү 140—170 *ц/га* жетет. Эспарцет күрсүз ж-а кесек түзүлүштүү топуракта өсөт. Ал кышка чыдамдуу ж-а балдуу келет. Эспарцет таталал климаттуу тоолуу жерде (Ат-Башы, Суусамыр ж. б. өрөөндөрдө) өстүрүлөт. Ысык-Көл ойдуңунда, Талас ж-а Тянь-Шандын бөксө тоолуу өрөөндөрүндө 150 миң *га* жерге Ысык-Көл гибрид эспарцети эгилет. Кызыл уй беде респ-када анча көп таралган эмес: айдоо аянттары негизинен Чүйдүн шалбаа алкактарынан, Талас ж-а Фергана өрөөндөрүнөн, Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш тарабынан, о. эле Тескей Ала-Тоосунун этектеринен орун алган. Уй беде эспарцет м-н кошо айдалганда жакшы натыйжа берет. Бөксө тоолуу шалбаа алкактарында Чүйдө эрте жетилүүчү, Ысык-Көлдө кеч жетилүүчү кызыл уй беденин эки сорту өстүрүлөт. Эки жылдык кашка беде (сары, ак) аз айдалат. Ал кургакчылыкка чыдамдуу, шор жерде да өсө берет. Өзгөчө кашка беде — жерди шордон арылтууда ж-а тегизделген жерлерде эгилүүчү баалуу өсүмдүк.

Көп жылдык дан өсүмдүктөр чанактуу өсүмдүктөр оспогон катаал климаттуу тоолуу р-ндордо өсөт. Респ-канын негизги дыйканчылык р-ндорунун шартында, өзгөчө сугат ж-а ным жетиштүү кайрак жерлерде чанактуу өсүмдүктөр м-н дан өсүмдүктөрүнүн аралашмасы эгилет. Тоолуу өрөөндөрдө чөп аралашмасынын ордуна кылкансыз түбү бош ж-а буудайык айдалат. Респ-канын ото ысык өрөөндөрүндө силостук өсүмдүктөрдөн жүгөрү эгилип, жылына 600—700 *ц* көк бакал алынат, ал 15—18 миң тоют бирдигин түзөт. Ысык-Көл ойдуңунда түшүмдүүлүгү гектарынан 6—9 миң тоют бирдигине жетет. Тоолуу р-ндордо силостук өсүмдүктөрдөн күнкарама ж-а тоют маш буурчагы өстүрүлөт. Респ-када негизги жемдик өсүмдүк жаздык арпа болгондуктан, ал кылкандуу дан эгини эзелеген аянттын 40%ин түзөт. Жаздык арпа бат жетилип, кургакчылыкка чыдамдуу келет да, бардык райондо, негизинен кайрак жерлерге айдалат. Башка жемдик өсүмдүктөрдөн бир аз жерге сулу эгилет. Чанактуу дан өсүмдүктөрдөн аянты ж-а түшүмдүүлүгү жагынан негизги орунду буурчак эзелейт. Буурчак топурак, климат шартын көп тандабайт да, респ-канын бардык а. ч. зоналарында айдала берет. Келечекте соя м-н тоют маш буурчагы тоютка көп керектелүүчү чанактуу өсүмдүктөрдөн болуп калат. Соянын түшүмдүүлүгү 15—20 *ц/га*га жетет. Данында 35—40% белок бар. Тоют маш буурчагы Ысык-Көл ойдуңунда, Тянь-Шандын дыйканчылык райондорунда, о. эле тоолуу жерлерде түшүмдүү келет. Данынын түшүмдүүлүгү 15—20 *ц/га*, көк бакалы 400—500 *ц/га*га жетет.

Башка тоют өсүмдүктөрүнөн: күздүк кара буудай, судан чөбү, жер алмуруту өстүрүлөт. Тоюттук момо тамырлуу өсүмдүктөр аз айдалып, респ-канын айдоо аянтынын 5%ин гана түзөт. Респ-када тоюттук момо тамырлуу өсүмдүктөрдүн дүң жыйымы (тоют кызылчаны кошо эсептегенде) 155, көп жылдык чөп 972,1, бир жылдык чөп 101,8, табигый чабынды (жакшыртылган чабынды чөптү кошо эсептегенде) 660,7 миң *т* болгон (1979). *П. П. Захаров, В. Н. Скляр, М. Д. Романдина*

Пахтачылык. 1913-ж. Кыргызстанда пахта 21,6 миң *га* жерге айдалган. Совет бийлиги убагында пахта өтүү тез өнүктү. Эгерде 1928-ж. пахтанын орто түшүмү 7,7 *ц/га*, дүң жыйымы 30,8 миң *т* болсо, 1979-ж. түшүмдүүлүгү 27,8 *ц/га*, дүң жыйымы 207,7 миң *га* жеткен. Түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жогорку түшүмдүү, ак балек илдетине туруктуу Ташкент-1, 149-Ф, 108-Ф, АН-402 ж. б. сорттору эгилет. Ош обл-ныи чарбаларын-

Гозо культивациялоо. Ош обл.





Соц. Эмг. Баатыры, Базар-Коргон р-пундагы М. В. Фрунзе атн. к-эдун председатели Ө. Атабекова м-н Соц. Эмг. Баатыры, бригадир А. Жумабаева пахта талаасында.

да пахта атайын гозо-беде же гозо-отолмо өсүмдүктөр которулуштурулуп эгилчү талааларга айдалат. Мында дүң продукциянын 33% пахтачылыктан алынат. Ош обл-ныи пахта эгүүчү р-ндорунда, пахтадан башка да мал чарбасы болгондуктан тоют базасын өнүктүрүүдө, малдын санын ж-а кунардуулугун көбөйтүүдө тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн чоң мааниси бар. Респ-када пахтанын түшүмдүүлүгүн көбөйтүү факторлорунун бири минерал жер семирткичтерди туура пайдалануу болуп эсептелет. Пахта аянтынын 1 *га* жерине 5—7 *ц* азот, 10—11 *ц* фосфат, 3—4 *ц* калий семирткичтери чачылат. Ар түрдүү агрономиялык чаралар м-н катар пахта аянтындагы отоо чөптөрдү жоготуу үчүн айдоо аянтынын 60%ине гербицид чачылат. Пахта зыянкечтерине (пахта кенеси, бити, көпөлөгү ж. б.) каршы уу да колдонулат. Үрөндү себүү алдында тамыр чиригинен ж-а гоммоздон сактоо үчүн фентиурам чачылат. Пахта эгүүчү чарбалар керектүү техника м-н жабдылып, көпчүлүк өндүрүш процесстери механикалаштырылган. Зыянкечтерге каршы күрөштү ж-а дефолиациялоону а. ч. авиациясы жүргүзөт. Ачылган пахта негизинен машина м-н терилет. Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясынын адистери бир ж-а көп жылдык отоо чөптөргө каршы гербициддерди, пахтаны которуштуруп эгүүдө жер семирткичтерди колдонуу, гозону сугаруу, селекциялоо маселелерин ж. б-ды изилдейт. Респ-канын көэ бир чарбаларында пахтанын түшүмдүүлүгү 35—40 *ц/га*'а жеткен (Сузак р-нунан «Коммунизм», «Октябрдын 40 жылдыгы» атн. колхоздор, Ленин р-нунан Калинин атн. колхоз, «Кызыл-Жар» совхозу).

К. Шакиров


Кызылча өстүрүү. Кыргызстандын эл чарбасында кызылча өстүрүү чоң мааниге ээ. Кызылча эгүүчү чарбалар кант өндүрүшүнө сырьё, о. эле мал чарбасына кызылча тобун, жом ж-а кызылчанын көк сабагын берет. А. ч-ныи оз алдынча тармагы катары респ-када кызылча өстүрүү 20-жылдардан башталган. 1926-ж. Кыргызстан О. Азия б-ча кызылча өстүрүүчү табигый база болуп калган. Респ-канын батыш ж-а түн. батыш р-ндору кант кызылчаны өстүрүүгө ыңгайлуу келет. 1927-ж. 170 *га* жерге айдалып, орто түшүмү 200 *ц/га*га жеткен, 70-жылдардын аягында кант кызылча 40 миң *га* жерге эгилип, орто түшүмү 380 *ц/га* болгон. Бул — СССР б-ча абдан жогорку түшүмдүүлүк. Респ-канын алдыңкы чарбаларында кант кызылчадан 500—600 *ц/га*, же андан жогорку туруктуу түшүм алынып жатат.




Кызылчаны семирткич чачуу м-н культивациялоо. Чүй өрөөнү.

1932-ж. Кант кыштагында респ-кадагы биринчи кант заводу курулган, 1935-ж. Кара-Балта кант заводунун курулушу аяктаган. 1981-ж. респ-када 6 кант заводу иштеген.

Кант кызылча үчүн Чүй өрөөнүнүн табигый шарты ыңгайлуу келгендиктен кант кызылчасынын бардык айдоо аянты мында жайгаштырылган. Кант кызылчаны өстүрүү эмгек процесстерин комплекстүү механикалаштырууга, илим м-н алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин кеңири пайдалануу негизделген. Кыргызстан тажрыйба-селекция станциясы которуштуруп эгүүнү (көп жылдык чөп аралаш) өзгөртүрүү, шор топурактуу жерлерди мелиорациялоо, жер айдоо, малалоо ж-а которуштуруп эгилген өсүмдүктөргө жер семирткич чачуу иштерин камтыган кант кызылчаны өстүрүүнүн илимий негиздүү системасын иштеп чыкты. Бул системаны тажрыйбада колдонуу жогорку ж-а туруктуу түшүм алууну камсыз кылып, кызылча өстүрүүнүн рентабелдүүлүгүн жогорулатып, продуктунун өз наркын томондотот ж-а эмгектин сарпталышын азайтат. Кызылча өстүрүүдө селекция м-н үрөнчүлүккө көп көңүл бөлүнөт. Бардык кызылча аянтына жерг. селекция сорттору эгилип жатат. Кант кызылчанын уругу кызылчаны экинчи жылы кайрадан отургузбай аянтта калтируу ыкмасы м-н алынууда.



Ленин р-нундагы «Москва» к-зунда пахта тапшыруу. Ош обл.



Кант кызылчасын үзгүлтүксүз ыкма менен жыйноо. Чүй өрөөнү.

Кыргызстанда кант кызылча сугат жерлерге айдалат. Анын бардык аянтын эрте жазда ж-а үрөн себер алдында даярдоо, үрөндү оптималдуу норма м-н катар аралыкка оз убагында себүү, жоок б-ча жер семирткич чачуу, өсүмдүктү кошумча азыктандыруу, отоо чөптөргө каршы гербицид колдонуу, ылдеттерден ж-а зыянкечтерден рационалдуу сактоо ж. б. процесстер алдыңкы технология б-ча жүргүзүлөт. Кант кызылча казып-жыйноодо техника кеңири пайдаланылып, үзгүлтүксүз ыкма кеңири колдонулат. Респ-канын кызылчачылары алдыңкы агротехника эрежелерин, селекциялык-үрөнчүлүк ж-а уюштуруу иштеринин бирдиктүү комплексин колдонуу м-н кызылчанын түшүмдүүлүгүн ж-а канттуулугун арттыруууда.

Ж. Акималиев

Картошка чарбачылыгы. Кыргызстанда картошка өстүрүү 19-кылымдын 60-жылдарынан башталып, анчалык онүккон эмес. Соц. курулуш жылдарында респ-када картошка өстүрүү бир кыйла жогорулаган. Картошка аянты ж-а аның дүң жыйымы б-ча Кыргызстан О. Азия респ-каларында 1-орунду ээлейт.

Респ-када картошка аянты м-н аның дүң жыйымынын 44% колхоз м-н совхоздордун үлүшүнө таандык. Мамлекет картошканы негизинен коомдук сектордон сатып алат (94%).


Картошка негизинен Ысык-Көл, Чүй ж-а Фергана өрөөндөрүнүн тоолуу жерлеринде эгилет. Картошка өстүрүү б-ча Ысык-Көл өрөөнү басымдуу орунду ээлейт. 1976—81-ж. мында картошка аянтынын 30% болуп, республиканын чарбаларынын коомдук секторунда өстүрүлгөн картошканын дүң жыйымынын 63% алынган. Чүй өрөөнүнө картошка аянтынын 30%, дүң жыйымынын 33%; Түштүк Кыргызстанга аянтынын 22% ж-а дүң жыйымынын 22% туура келген.

Картошка өстүрүү

Жылы	Айдоо аянты, миң *га*	Түшүмдүүлүгү, *ц/га*	Дүң жыйымы, миң *т*
1913	3,9	48	188
1940	13,9	80	105,3
1965	24,2	94	247,9
1975	26,4	113	279,6
1980	22,0	125	293,2

Картошка айдалуучу жерди даярдоо, жер семирткич чачуу, отургузуу, катар аралыгын иштөө ж-а картошканы жыйноо процесстери толугу м-н механикалаштырылган. Картошка сорттоо пункттарында, картошка сактоочу жайларда, жүктөө ж-а түшүрүүдө транспорттөрлөр системасын, картошка жыйноочу комбайндарды пайдалануунун натыйжасында кол эмгеги азаюуда. Топурак жумшартуу, аның нымдуулугун сактоо, жер семирткич чачуу ж-а отоо чөптөргө каршы күрөшүүдө көп иштер иштелүүдө.

Картошканын мите козу карын, бактерия ж-а вирус козгоочу ылдеттерине туруктуу ж-а жогорку түшүмдүү сортторун түзүү б-ча селекция иштери Ысык-Көл тажрыйба-селекция станциясында жүргүзүлөт. Үрөндүк картошканын сапатына абдан көңүл бурулат. Ысык-Көл тажрыйба-селекция станциясында элита сорттору өстүрүлөт. Элита сорттору тоолуу жерлердеги үрөнчүлүк чарбаларда көбөйтүлүп, 2—3-репродукциядагы үрөн көбөйтүүгө «Сортсемовощ» системасы аркылуу чарбалардын питомнигине берилет. Респ-када картошка өстүрүүнүн ил. проблемаларын Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмеси ж-а аның Нарын тан-



ныч пункту изилдейт. Алар үрөндүк ж-а товардык картошканы өстүрүү маселелерин изилдеп, респ-канын тоолуу зоналарына үрөн сортторун тандайт. Респ-канын калкын жыл бою картошка м-н камсыз кылуу анын айдоо аянтын кецейтүү ж-а түшүмдүүлүгүн кескин жогорулатуу аркылуу ишке ашырылат.

В. М. Метальников, П. Я. Самсонов

Тамекичилик. Тамеки биринчи жолу Кыргызстанда 1899-ж. пайда болуп, негизинен насвай үчүн өстүрүлгөн. 1931-ж. респ-када биринчи «Кыргызстан» тамекичилик с-зу уюшулгандан тартып өз алдынча а. ч. тармагына айланган. А. ч-сын коллективдештирүү тамекичилик тармагынын өнүгүшүнө түртүк берген. Тамеки



Тамеки талаасы. Талас обл.

алгач Чүй, Талас өрөөндөрүндө ж-а Ош обл-нын кээ бир райондорунда өстүрүлө баштаган. 1931-ж. тамекинин айдоо аянты 2100 *га*, 1932-ж. 3900 *га* болгон. Тамекичиликтин өнүгө башташы м-н бирге тамеки ө. ж. түзүлгөн. 1932-ж. Фрунзеде тамеки-ферменттөө заводу, 1935-ж. тамеки фабрикасы курулган. 1952-ж. тамеки

Тамеки

Жылы	Чарбалардын саны	Айдоо аянты, миң *га*	Түшүмдүүлүгү, *ц/га*	Дүң жыйымы, миң *т*
1965	47	11,4	14	16,2
1970	65	14,0	16	22,3
1975	69	14,9	22	32,7
1980	72	15,4	22,7	35,1

айдоо аянты 6200 *га* болсо, кийинки жылдардын ичинде 6600—6800 *га*га жетип, туруктуу өнүккөн. 1945—65-жылдарда Кызыл-Кыяда жылдык кубаттуулугу 800 *т* тамеки заводу иштеген. 1963-ж. жылына 6000 *т* тамеки иштетүүчү Кызыл-Кыя тамеки ферменттөө з-ду курулган. Кыргыз ССР Мин. Советинин «Тамеки өндүрүүнү жана сатып алууну көбөйтүү чаралары жөнүндөгү» токтому (1963) б-ча «Өзгөн», «Дружба», «Совет», «Кок-Жар», «Октябрь», «Бирлик» тамекичилик совхоздору уюштурулган. Ушул чарбаларда жогорку сапаттуу дүбөк тибиндеги жыттуу тамеки өстүрүлөт. 1979-ж. ушул сорттогу тамеки Талас өрөөнү м-н Ош обл-ндагы таме-

ки аянтынын 83%ин ээлеген. Калган айдоо аянтына Талгар ж-а Американ сыяктуу сорттору айдалган. 1979—80-ж. мамлекетке план б-ча 167,6 миң *т* ж-а пландан тышкары 11,6 миң *т* тамеки сатылган.

М. М. Витовецкий

Жашылчачылык. Жашылчачылык негизинен Совет бийлиги учурунда гана ургаал өнүгө баштаган. Эгерде 1925-ж. жашылча 2,8 миң *га* жерге эгилсе, 1940-ж. 4,6 миң *га* жерге айдалган. Жашылча продукциясын алуу согуштан кийин тез өнүккөн. Жашылча аянты 1965—73-ж. 25,7%, түшүмдүүлүгү 45,5%ке көбөйгөн. Жашылчанын 60%тен ашыгы коомдук сектордо өстүрүлөт, а. и. адистештирилген чарбалардын (15 совхоз, 2 колхоз) үлүшүнө респ-ка б-ча бардык жашылча продукциясынын 33% туура келет. Жабык аянттарда жашылчачылык жогору темп м-н өнүгүүдө. 1965-ж. 32,8 миң $м^2$ парник ж-а 20 миң $м^2$ кышкы жылыткыч болсо, ал эми 1978-ж. 42,5 миң $м^2$ кышкы жылыткыч ж-а 200 *га*дан ашык убактылуу плёнка жабылган чатыр болгон. 1990-ж. жашылча аянты 27%ке көбөйүп, дүң жыйым 686 миң *т* га жетет.

Жашылча өстүрүү

Жылы	Айдоо аянты, миң *га*	Түшүмдүүлүгү, *ц/га*	Дүң жыйымы, миң *т*
1950	6,8	66	45
1960	8,4	99	84
1970	12,4	154	194
1980	16,3	195	399,9

Жашылчачылыктын өсүшү тармакты топтоштуруу, терең адистештирүү ж-а ургаал өнүктүрүү аркылуу ишке жүзүнө ашырылат. Жашылчачылыкта машиналарды комплекстүү иштетүү, жерди, сууну, жер семирткичтерди туура пайдалануу, эмгекти сарптоону жана продуктунун өз наркын төмөндетүү, түшүмдүүлүктү жана кирешелүүлүгүн жогорулатуу боюнча алдыңкы технология колдонулун жатат. Түшүмдүүлүктү жогорулатуу б-ча көрүлгөн чаралар системасында жер которуштуруп айдоо чоң мааниге ээ. Жашылча өсүмдүктөрүнүн түшүмү аны норма м-н убагында, туура сугаруунун натыйжасында жогорулатылат. Азыркы убакта респ-канын а. ч. техникасынын өнүгүш деңгээли жашылча өстүрүүдө көп жумушту механикалаштырууга мүмкүндүк берди. Мис., жер семирткич чачуу, жер айдоо, сугаруу, момо-жемиш жыюу, көшүмча жер семирткич чачуу ж. б. Респ-када жашылчанын 20 түрү өстүрүлөт. Үрөн чарбасынын иши планга ылайык жүргүзүлөт. Урук өстүрүүнү, далрдоону ж-а сатууну респ-канын «Сортсемовощ» бирикмеси контролдойт.

Жашылча айдоодо тандамал үрөн сорттору колдону-

Тайгараев атн. с-здун капуста талаасы. Ош обл., Сузак р-ну.



лат. Чүй өрөөнүндө (деңиз деңгээлинен 1000 *м*ге чейин) ж-а Кыргызстандын түштүгүндөгү пахта зоналарында жылуучул жашылча уругу эгилет (бадыраң, томат, калемпир, баклажан, пияз). Өсүмдүктүн вегетация мезгилинде мелүүн, атмосфера нымдуулугу жакшы, жарык жетиштүү тоолуу аймактарда (Ысык-Көл ойдуңу, Борб. Тянь-Шань) капуста, момо тамырлуу өсүмдүк, шалгам, чанактуу өсүмдүктөрдүн уругу өстүрүлөт. Респ-канын түштүктөгү пахта зонасында капуста, пияз, сабиз уругун көчөтсүз ыкма м-н өстүрүп алуу колдонулат. Жашылча б-ча ил. иштн Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүш бирикмеси, анын тажрыйба станциялары жүргүзөт. Анда жашылча өсүмдүктөрүн ачык ж-а жабык аянтта өстүрүү технологиясы, райондоштурулган элита сорттордун уругун өстүрүү агротехникасы иштелип чыгылат. Томат, пияз, капуста ж. б-лардын негизги сорттору б-ча селекция иши жүргүзүлөт. Жашылча отургузуучу ж-а жыйноочу машиналар жасалат, о. эле а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери м-н илдеттерине каршы күрөшүү чарасы көрүлөт. 1976—80-ж. мамлекетке план б-ча 1235,1 миң *т*, пландан ашык 235 миң *т* жашылча сатылган.


Д. Ф. Алпатова, А. Ф. Гизатова

Багбанчылык. Кыргызстандын аймагында момо-жемиш бак-дарагы көптөн бери өстүрүлөт. Орус, украин, кийинчерээк молдаван келгиндери момо көчөтүн ала келип, багбанчылык кецири тарай баштаган. 1884-ж. Пишпекте ж-а Пржевальскиде а. ч. мектептери ачылып, калк арасында бак-даракты көбөйтүү ишин жүргүзүүдө маанилүү роль ойногон. Ошондой болсо да багбанчылык сов. доордо гана кецири өнүктү. 1928-ж. Чүй өрөөнүндө бак 25—28 *га* аянтты ээлеген. Ош обл-нда көп жерге бак тигилген. 1933-ж. бак аянты 3300 *га*га жеткен. 1948—51-жылдарда мамл. 10 момо бак питомниги түзүлүп, жерг. момо багынын сортторун жакшыртууда, аянтын бир кыйла көбөйтүүдө көп комок көрсөткөн. Кыргызстандын багбанчылыгы момо багынын ото ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Мында алма, алмурут, чие, кара өрүк, шабдалы, өрүк, анар, анжыр; жер жемиштен — бүлдүркөн, дан куурай, карагат ж. б. өстүрүлөт. Респ-ка жапайы момолүү токойго да бай. Мис., Ош обл-ндагы чоң аянтты ээлеген (25 миң *га*дан ашуун) жацгак-момо токоюнда жацгак, алма, алмурут, алча, бадам, мисте, карагат, бүлдүркөн ж. б. осот. Акыркы 10 жылдын ичинде Кыргызстандын багбанчылыгы утурумдук керектоодон о. ж-лык мүнөзгө ото баштады. 1979-ж. момо багы 50,8 миң *га*ны ээлеп, анын 30,6 миңи колхоз м-н мамл. чарбаларга тиешелүү болгон. Респ-када жалпы аянты 8,5 миң *га* болгон 14 жүзүмчүлүк совхозу, 3 миң *га*луу 3 багбанчылык орток колхоз бирикмеси бар. 1976—80-ж. жыйналып алынган түшүм 176,4 миң *т*ны түзгөн. Момо-жемишти көбөйтүү максатында адистештирилген чарбалар түзүлүп, колхоздор м-н совхоздордо багбанчылык өөрчүтүлүп жатат. 1976—80-жылдарда бардык категориядагы чарбаларда момо-жемиштин орто түшүмү 45,1 *ц/га*ны түзгөн.

Кыргызстан дыйканчылык ил. өндүрүш бирикмеси момо-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүү б-ча зор изилдөө ишин жүргүзүп жатат. Анда багбанчылыкты адистештирүү, аны ургаал өстүрүү технологиясы ж-а жайгаштыруу ыкмалары иштелип чыкты. Жапалак ж-а чала жапалак алма м-н алмуруттун кыюу асты изилденип, райондоштуруу жүргүзүлүп, көчөттүк аянттар түзүлдү. Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүш бирикмесине караштуу 10 момо бак питомник совхозу бар. Алар ар жылына эң сапаттуу, райондоштурулган сорттордун 1,5 млн (анын 0,5 млну чала жапалак момо көчөту) көчөт өстүрүп, колхоз ж-а совхоздорго берип турат. Момо бак жетилгенде жакшы момолоп, момо-жемиштин дүң жыйымы жогорулайт. Келечекте момо бак аянты 58 миң *га*га кецейип, момо-жемиш белендөө 300 миң *т*га жеткирилет.

У. Т. Аракельян

Жүзүмчүлүк. Кыргызстанда жүзүм согдулар маданияты мезгилинде эле өстүрүлгөн. Респ-канын түндүгүнө



Жүзүм жыйноо. Чүй өрөөнү.

молдаван келгиндери таратса, ал эми түштүктө жүзүмчүлүктүн таралышына — жүзүмчүлүгү жог. деңгээлде өнүккөн чектеш Өзбекстан м-н Тажикстандын таасири тийген. Биринчи жүзүмчүлүк совхоздору 1942-ж. түзүлгөн. Алардын саны 1980-ж. 14кө жеткен. Жүзүм аянты 10 миң *га*дан ашып, анын 80% адистештирилген совхоздорго тиешелүү. 70-жылдарда жүзүмдүн орточо түшүмү 69 *ц/га*ны түзгөн. Кыргызстанда жүзүмчүлүк сугатчылыкка негизделген. Респ-канын түндүгүндө кышкысын көмүлүп коюлат, түштүгүндө жарым-жартылай көмүлүп, айрым райондордо көмүлбөйт. Жүзүмдүн негизги түшүмү өндүрүшкө жумшалып (80—85%чеси), шарап ачытылат, 15—20% жацы кезинде желет. Жүзүм — а. ч-нын жог. кирешелүү тармагы. Бардык жүзүмчүлүк чарбаларында жүзүмдөн башка да бак, дан эгини ж-а жашылча өстүрүлүп, мал чарбасы (негизинен уй чарбасы) өнүктүрүлөт. Жүзүмчүлүктө жүзүм түбүн ж-а катар аралыгын иштетүүчү механизмдер, сабак оруптуктатуучу, жабуучу агрегаттар, пневматикалык түп ачуучу, жер семирткич ж-а зыяндуу курт-кумурскага каршы дары чачуучу, тиреөч орнотуучу ж. б. машиналар кецири колдонулат. Жер семирткич көп пайдаланылат. Жүзүм негизинен Чүй өрөөнү м-н Ош обл-нда өстүрүлөт. Ар түрдүү шартта жүзүм сортторунун өсүшүн изилдөөнүн негизинде топурак, климат зоналары белгиленип, ошого ылайык жүзүмдү сорту б-ча райондорго белүштүрүү жумуштары иштелип чыгып бекитилген. Респ-када жыл сайын сортторду райондоштуруунун тактап туруучу сорт сыноочу мамл. участкалар иштейт. Бардыгы 34 жүзүм сорту райондоштурулган, булардын теңи жацы кезинде пайдаланылат. Райондоштурулган негизги сорттор: шарап сорту — кара Пино, Рислинг, Саперави, Ркацители, мускаттар (кара, кызгылт көк, венгрдик); ашканалык эрте сорт — Мадлен анжевин, Кыргыз эртечили; орточо жетилме сорт — Сенсо, Шасла, мускаттуу Мадлен; кеч сорту — Карабурну, Нимранг, кызгылт Тайфи, Олесл. Жүзүм селекциясы б-ча көп иш жүргүзүлүп жатат. 17 сорт чыгарылып, мамл. сыноодон өттү, анын 11и ашканалык, 6 техникалык сорт. Мамл. сорт сыноонун жыйынтыгы б-ча 7 сорт райондоштурулган. Жүзүм б-ча ил. из. иштн Кыргызстан дыйканчылык илимий өндүрүш бирикмесинин жүзүмчүлүк болуму жүргүзөт. 1985-жылга чейин адистештирилген 6 жацы жүзүмчүлүк совхозун түзүү


белгиленди. Алар негизинен жүзүм жабылбоочу зонада, таштак жерлерге жайгаштырылып, жалпы жүзүмзар аянты 10 миң *га*ны ээлейт. Жүзүм белендөө жылына 10 миң *т*, орт. түшүмү 65 *ц/га*га жеткирилип, сорту б-ча 80—85% техникалык, 15—20% ашканалык жүзүм болот.

Е. И. Сосина

Жибекчилик. Кыргызстанда негизинен Ош области гана жибек чарбачылыгын жүргүзүп келе жатат. Пилланын өндүрүмдүүлүгү мурда төмөн болгон. 1913-ж. Ош обл-нда бардыгы 120 *т* жибек пилласы даярдалган. Совет бийлиги жылдарында жибекчилик тез өнүгө баштады. 1927-ж. Ошто респ-када тунгуч курт урук заводу курулуп, кийин ал ири өндүрүш жайына айланды. 20-жылдарда жибек курту үчүн тыт көчөтүрүн отургузуу бир кыйла кеңейтилген. 1928-ж. 2 тыт питомниги (Ош м-н Фрунзеде) уюштурулуп, 116 *га* аянтка 48 миң көчөт отургузулуп, 1933-ж. 351 *т* пилла алынган. Согуштан кийинки жылдарда пилла алууну көбөйтүү ж-ка анын тоют базасын кеңейтүү б-ча кыйла иш жүргүзүлдү. Ош мамл. питомниги жылына 1600—1700 миң тыт көчөтүн өстүрүп, аны реализациялап турат. Тыт көпөлөктөрүнүн породалары бир нече жолу алмаштырылды. 1975-ж. респ-ка жибек көпөлөктөрүнүн көп продукция берүүчү ак пиллалуу жаңы породаларын ж-а гибриддерин өстүрүүгө өттү. 1981-ж. респ-када 1128 *т* пилла даярдалган. Алдыңкы агротехниканы ж-а илим м-н алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин кеңири колдонуунун негизинде жибекчиликти ургаал өнүктүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. Жибекчилик улам барган сайын ө. ж-лык мүнөздөгү өндүрүшкө айлануунда.

Т. Гафуров

Токой чарбасы. 1980-ж. 1-январда респ-канын токой фондусу 2697,2 миң *га*ны түзүп, анын 1049,9 миңин токой ээлеген. Респ-канын токойлуулугу 3,5%ке барабар. Токой чарба органдарынын карамагындагы (мамл. токой фондусу) 2588,8 миң *га*нын 654,1 миңи токой. Калган аянт ар түрдүү министерстволор м-н ведомстволордун карамагында: анчылык чарбасынын ж-а СССР а. ч. министерствосунун коругу 25,2 миң *га* (мунун токой өскөн аянты 7,4 миң *га*); совхоз токою 42,6 миң *га* (токой өскөнү 28,0 миң *га*); колхоз токою 19,5 миң *га* (токой өскөнү 15,4 миң *га*); токой-парк чарбалары 0,1 миң *га* (токой өскөнү 0,1 миң *га*); мамл. запас жерлердеги токой 20,7 миң *га* (токой өскөнү 0,1 миң *га*); ж. б. министерстволор ж-а ведомстволордун токою 0,3 миң *га* (токой өскөнү 0,2 миң *га*). Токой негизинен тоолордо өсүп, ал деңиз деңгээлинен 1000—3500 *м* бийиктиктеги Тянь-Шань, Алай тоо системаларында ж-а тоо өзөндөрүнүн бойлорунда жайгашкан. Эл чарбасында талааны коргоо үчүн токойдун мааниси чоң. Токойду көп кыюуга, көчөт отургузулган плантацияларга мал жаюуга тыюу салынат. Мамл. токой фондусунун участкаларында токой көбөйтүү, санитариялык абалын жакшыртуу ж-а




Токой көчөттөрү. Ысык-Көл обл.

азыктуулугун арттыруу максатында токой өстүрүлүүчү 5 зонада токой көчөтүн отургузуу (жылына 3,0 миң *га*дан), сыяндуу курттарга ж-а токой илдеттерине каршы күрөшүү (жылына 10—15 миң *га*дан), токой тазалоо, кыюу (жылына 3600 *га* ж-а 30 миң $м^3$) сыяктуу иштер жүргүзүлөт. Тоо токойлору ири массивдерди ж-а участкаларды ээлеп, кээде даректардын түрлөрү б-ча да жайгашат.

Айрым тоо кыркаларынын гидротерм шартына ылайык даректардын породалык составдары да өзгөчөлүктөргө ээ болуп турат. Түндүктө карагайлуу токой басымдуулук кылса, түштүктө жаңгак, алча, кыргыз ж-а Сиверс алмалары, мисте ж-а бадам (ачуу дапектүү), кургак тоо капталдарында арча өсөт. Түштүктүн жаңгак-мөмө токою баалуу токойлордун бири. Анын жалпы аянты 609,5 миң *га*, а. и. токой өскөн жердин аянты 238,9 миң *га*га, жаңгак-мөмө 70 миң *га*га жакын. Бул токой 1945-жылдан СССР ЭКСпнин токтому б-ча мөмө токой заказнигинин катары жарыяланып, өлкөнүн баалуу токойлорунун тизмесине киргизилген. Жаңгак-мөмө токойлорунан түшүмдүү жылдарда 1300—1500 тга чейин жаңгак, жапайы алма ж-а алча жыйналат. Ири өлчөмдө дары-дармек ж-а техникалык сырьё алынат. Мында токой чарбасынын көп сандаган бал челеги жайгаштырылат. Аба ырайы ыңгайлуу жылдарда алардан 3 миң тга чейин таза бал алынат. Ар жылы 500 $м^3$гө чейин баалуу жаңгак жыгачы даярдалат (суюлтуу ж-а санитариялык максатта кыюу) да, Жалал-Абаддагы мебель ф-касына берилет. Респ-канын токойлору а. ч-нын өсүшүндө маанилүү роль ойнойт. Алар тоо капталдарынын агын сууларын жонго салат, жер кыртышын жуулуудан, жемирилүүдөн ж-а селден сактайт. Дарыянын көбү токойлуу тоо алкактарынан башталып, Кыргызстандын, о. эле О. Азия м-н Казакстандын жерлерин сугарууга да пайдаланылат. Токойлуу бийик тоо жайыттарына колхоз ж-а совхоз малы багылат. Мамл. токой фондусунун токойлору м-н жерлеринин азыктуулугун арттыруу максатында 1948-жылдан токой чарбасы 80,5 миң *га* жерге кеңейтилди, а. и. ийне жалбырактуу токой 20,8 миң *га*, жаңгак 26,1 миң *га*, мисте ж-а бадам 13,0 миң *га* ж. б. жалбырактуу бак-дарак породасы 20,6 миң *га*га көбөйтүлгөн. 8,5 миң *га* жерге мөмө дарагы ж-а токой багы отургузулган. Респ-канын токой чарба ишканалары м-н колхоздордун ж-а совхоздордун өз ара келишимдеринин натыйжасында а. ч-на колдонууга жараксыз жерлерге (коо, кокту-колоттуу, таштуу, куюлма кумдуу, шордуу, саздуу ж. б. участкаларда) коргоочу бак-дарак отургузуу б-ча кыйла жумуш жүргүзүлгөн. 1968—80-ж. 18,0 миң *га* жерге

Жаңгак жыйноо. Кара-Алма токой чарбасы. Ош обл.





эрозияга каршы бак-дарак отургузулган ж-а 4 миң *га* жерге талаа коргоочу токой тилкеси түзүлгөн. Токой чарбалары ыңгайсыз жерлерге тикпен бак-дарак а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга ж-а жерди эрозиядан коргоого жакшы таасир тийгизди. Токой эс алуунун, туризмдин ыңгайлуу жайы болуп, буларда көптөгөн пионер лагерлери ж-а туристтик базалар жайгаштырылган. Тоолуу токой чарбасын жүргүзүүнү мындан ары жакшыртуу максатында 1978—90-жылдардын узак мөөнөттүү келечек планы иштелип чыккан. Ал б-ча 40 миң *га* жердеги токойду калыбына келтирүү ж-а өстүрүү жумуштары белгиленген, мунун ичинде карагай отургузууга 12 миң *га*, арча 4 миң *га*, жаңгак-мөмө токоюнун арасына токой өсүмдүгүн өстүрүүгө 2,0 миң *га*, начар дарак породаларын чарб. баалуу породалар м-н алмаштыруу аркылуу токой чарбасын реконструкциялоого 3 миң *га*, колхоздор м-н совхоздордун а. ч-на пайдаланылбаган жараксыз жерлерин токойго айландырууга 11 миң *га* ж-а талаа коргоочу токой тилкесин түзүүгө 3 миң *га* жер белгиленген. Перспективада ө. ж-лык жаңгак чарбасы өнүктүрүлөт. Жаңгак даректарын кыйыштырып отургузуу 1990-ж. 1200 *га*га жеткирилет. Токой өстүрүү үчүн жылына 170 *т* урук беленделенет. Мамлекетке жаңгак, мөмө өткөрүү жылына 10 тга көбөйтүлөт. Жашылдандырууга ж-а токой чарбасына керектөө үчүн жылына 35—40 млн түп көчөт даярдалат.

Ж. Бекбаев

Өсүмдүк коргоо. Өсүмдүктөрдү зыянкеч, илдет ж-а отоо чөптөрдөн коргоо иши агротехникалык, механикалык, химиялык ж-а биологиялык ыкмаларга негизделет. Бул ыкмаларды колдонгондо өсүмдүк илдетин козгогучтар ж-а зыянкечтер жок болот же алардын жапырт өсүшү токтойт, зыяндуулугу басаңдайт. Өсүмдүк коргоонун агротехникалык ж-а химиялык методдору респ-када өтө кеңири таралган. Азия, марокко чегиртке-си, италия коңузу жакынкы мезгилдерге чейин эле, миңдеген *га* жайыт ж-а айдоо өсүмдүгүн кыйратып, а. ч-на бир топ зыян келтирилген. Гозопун 30%ин зыянкечтер чыгымга учуратkан. Дан өсүмдүктөрүнө жер кенеси м-н кара көсөө илдети зор зыян келтирет. Азыркы учурда зыянкечтер м-н илдеттер келтирген зыян өтө азайды.

Совет бийлиги жылдарында респ-када өсүмдүк коргоо илим ж-а техниканын эң жаңы жетишкендиктерине негизделип, татаал система түзүлүп, зарыл техникалык ж-а химиялык каражаттар м-н камсыз кылынды. Жылдан жылга өсүмдүк коргоо жумуштарын уюштуруу жакшыртылып, пестицид ж-а аппаратура көп жеткирилип, алардын түрлөрү көбөйтүлүүдө. Ат чегилме ж-а асынма чачкычтардын ордуна кубаттуу трактор ж-а авточачкычтар, чаңдаткычтар, уу чачкычтар ж. б. колдонула баштады. 40 түрдүү зыянкеч м-н илдетке каршы күрөшүүдө 60тай пестицид колдонулуп, ал 900—950 миң *га* аймакта (негизинен гозо, кант кызылча, тамеки плантацияларында ж-а жайыттарда) пайдаланылат. Респ-када 1963-жылдан пайдаланыла баштаган гербициддер отоо чөптөрдө каршы колдонулууда. Респ-када зыянкечтерден коргоо иштеринин жалпы көлөмүнүн 30—35% а. ч. авиациясынын, 50—55% өсүмдүк коргоо отряддарынын, калган болгуң чарбалардын өз күчү м-н жүргүзүлөт. 1968-жылдан зыянкечке ж-а шумгулга каршы күрөшүүдө биологиялык метод тарала баштады. Биопрепарат — энтобактерин ж-а дендробацилин чачылуучу аянт кеңейтилди. Түшүмдү илдетке чалдыгуудан сактап калууда үрөндү дарылоонун (уландыруу) чоң ролу бар. Кылкандуу дан эгиндерине башка үрөн борборлоштурулган: жүгөрү — калибрлоочу заводдордо, чигит — пахта заводдорунда, кант кызылча уругу Кыргыз машина сыноо станциясынын үрөн тазалоо заводдорунда зыянсыздандырылат. Кылкандуу дан эгиндеринин үрөнү ар бир чарбанын атайын аянттарында же механикалаштырылган туруктуу комплекстеринде зыянсыздандырылат.

П. С. Салпагаров

АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ ЖАНА ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ

Респ-канын а. ч-сын механикалаштырууда машина-трактор станциясы (МТС) чечүүчү роль ойногон. 1930-ж. Жалал-Абад, Сакалды, Кашкар-Кыштак, Өзгөн МТСтери уюшулуп, анда 154 трактор болгон. 1931-жылдын аягында дагы 4 МТС (Краснореченка, Беловодский, Александровка ж-а Каракол) уюшулган.

А. ч-сындагы тракторлордун саны 486га жеткен. МТС уюштуруу респ-када коллективдештирүүнү тездетти. 1931-ж. респ-ка 26 160 трактор сокосу ж-а ат соко, 22 250 мала, 562 молотилка ж. б. а. ч. шаймапын алган. Трактористтер көбүнчө совхоздор м-н МТСтердеги, о. ж. ишканалары м-н дыйкан жаштар мектептериндеги курстарда даярдалган. Трактористтерди даярдоо мектептери 1927-ж. Фрунзеде, 1930-ж. Ош, Токмок ш-ларында ачылган. 1940-ж. респ-канын бардык дыйканчылык райондорунда МТСтер уюшулган. А. ч-сында 5182 трактор ж. б. көптөгөн а. ч. техникасы болгон. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде колхоздорду тейлөөдө МТС чоң роль ойнон, кадр, запас бөлүк, күйүүчү-майлоочу май жетишсиздигине карабастан негизги а. ч. жумуштарын өз убагында бүткөрүп турган.

Согуштан кийинки жылдарда а. ч-сы техника м-н тез жабдыла баштады. 1950-ж. 5214 трактор, 1200 эгин комбайны, 1955-ж. 7275 трактор, 1923 комбайн иштеген. Аз өндүрүмдүү «Универсал» СТЗ, ЧТЗ тракторлору, гусеницалуу СХТЗ-НАТИ, кийин дизелдүү ДТ-54, ДТ-54А, ДТ-75, Т-74, С-80, С-100, Т-100, доңгөлөктүү «Беларусь» тракторлору м-н алмаштырылды. 1958-ж. респ-кадагы 79 МТС м-н 58 совхоздо 10 015 трактор, 3345 эгин комбайны ж-а 1268 атайын комбайн, дагы башка а. ч. техникасы болгон. МТС колхоз курулушун чыңдоого чоң көмөк көрсөттү, мында механизаторлор даярдалып, а. ч. өндүрүшүнүн инженер-техник кызматкылары өсүп чыкты. Механикалаштырылган жумуштардын көлөмү кескин көбөйдү. 1958-ж. механикалаштыруу деңгээли көп айдоодо 100%, эгин жыйноодо 86%, кант кызылча жыйноодо 70%, чөп чабууда 51%ке жетти. 1958-ж. МТС ремонт-техника станциясына (РТС) өтүп, алардагы техника колхоздорго сатылды. 1961-ж. респ-калык «Кыргыз айыл чарба техника» бирикмеси уюшулган. КПСС БКнын Июль (1978) пленумунан кийин а. ч-сын өндүрүш-техника жагынан жабдуу б-ча Кыргыз ССР мамл. комитети түзүлдү.

Айрыкча КПСС БКнын Март (1965) пленумунан кийин а. ч. өндүрүшүн механикалаштыруу деңгээли тез жогорулап, механикалаштырылган жумуштардын көлөмү көбөйүүдө. Колхоз-совхоздорду машина-тракторлордун саны кескин көбөйүп, сапаты жакшырды. Пленумдан кийинки 13 жыл ичинде респ-канын а. ч-сы 39 миңден ашык жаңы трактор, 26 миң жүк машинасын, 6,5 миң эгин комбайнын ж. б. алды. Эгин, пахта, кант кызылча жыйноочу, чөп чабуучу техника жаңыртылды, мал чарбасындагы эмгекти механикалаштыруу үчүн машина ж-а жабдуу алынды. Талааларда жаңы «Нива» ж-а «Колос» комбайндары, РКС-4, БМ-4 кызылча жыйноочу машиналар, тоют даярдоодо КУФ-1,8 чөп чаап-майдалагычы, ГДРдин Е-280, Е-301, ата мек. КСК-100 тоют жыйноочу комплекстери, ОГМ-0,8, ОГМ-1,5 тоют майдалагычтары, АВМ-0,65, АВМ-1,5 витамин унун чыгаруучу агрегаттар ж-а кубаттуу жаңы К-700, К-701, Т-150 тракторлору пайда болду. 1981-ж. орто эсеп м-н респ-канын ар бир колхоз-совхозуна 61 трактор, 18 комбайн, 29 жүк автомобили туура келген. 1981-ж. чарбалардын энергия м-н жабдылышы 100 *га* айдоо аянтына 483 а. к., ар бир жумушчунун энергия м-н куралданышы 15,6 а. к-н түзгөн.

А. ч. өндүрүшүн комплекстүү механикалаштыруу маселеси пйгиликтүү чечилүүдө. Көпчүлүк колхоз-совхоздордо дан эгиндерин, жүгөрү, кант кызылча, пахта өстүрүү ж-а жыйноо, кесек тоют даярдоо, жер семирткич чачуу комплекстүү механикалаштырылды. Техника паркы өскөн сайын механикалаштырылган иштин көлөмү артууда. Трактордун бир күндө айдаган жери 6,8 шарттуу эталон *га* аянты түзөт. Колхоз-совхоздордо машина төйлөөнү адистештирүү м-н эмгекти болуштүрүүгө негизделген алдыңкы ыкмаларды ишке киргизүүнүн натыйжасында а. ч. техникасын пайдалануу жакшырды. 1970-ж. атайын уста оңдоочулар 60 совхоз, 130 колхоздун техникасын тейлесе, 1975-ж. Ош, Ысык-Көл обл-тары м-н Чүй, Талас өрөөндөрүнүн бардык чарбаларын тейлеген. Респ-када ремонт базасын чыңдоо максатында 204 типтүү ремонт устаканасы курулган. Машина ремонттоо жакшы уюшулгандыктан, машина-трактор паркындагы техниканын даярдык коэффициенти кыйла жогорулап, аны талаачылык иштерге даярдап, убагында жеткирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Респ-када мал чарбасындагы оор жумуштарды механикалаштырууга айрыкча көңүл бурулууда. Колхоз, совхоздордо 1981-ж. суу м-н жабдуу үй фермаларында 72%, чочко фермасында 60%, канаттуулар фермасында 79%, тоют таратуу жумуштары үй фермаларында 60%, чочко фермасында 67%, канаттуулар фермасында 77% механикалаштырылган. Үйдү машина м-н сааш 73%ти түзөт, ал эми Москва, Кант, Сокулук р-ндорунда 95—100%ке жеткен. Фермаларда саагыч аппараттарды колдонуудан эмгектин сарптапышы 1,5 эсе азайып, эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,5—2 эсе жогорулаган. Кесек тоют майдалоо үчүн чөп туурагыч ж. б. машиналар колдонулат. Мал сарайларда кесек, чыктуу ж-а кок тоют малга транспортёрдук тоют бөлүштүргүчтөрдүн жардамы м-н берилет. Чарбаларда механикалаштырылган тоют цехтери м-н тоюткана куруу кеңири кулач жайган, мында толук рациондуу майда тууралган, брикеттелген аралаш тоют даярдалат. 1979-ж. респ-канын колхоз ж-а совхоздорунда 700дөн ашык тоют цехи ж-а тоюткана иштеген. Кой кыркуу, жүн ташуу, таңгактоо, машинага жүктоо ж-а койду күчкого салуу жумуштары толук механикалаштырылган. Кыркын пункттарындагы көшумча иштер механикалаштырылууда. Чарбаларда тоют даярдоодо алдыңкы ыкмалар (сеңаждоо, майдалоо, брикеттөө ж-а витаминдүү чөп унун чыгаруу) кеңири колдонулууда. А. ч. өндүрүшүндө аба транспорту да арбын пайдаланылууда. Авиациянын жардамы м-н эгинге жер семирткич, өсүмдүк зыянкечине же илдетине каршы уу зат чачылып, алыскы жайыттарга чакан жүк жеткирилет.

Кыргызстанда а. ч-сын электрлештирүү 1935-ж. жылуулук (дизелдүү) электр станцияларын куруудан башталган. Респ-канын а. ч-сы гидроэнергетика ресурстарын 1938—39-жылдардан пайдалана баштаган. 1940-ж. айылдык электр станциялары 3 млн *квт/ска* жакын электр энергиясын чыгарган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде респ-канын а. ч. эмгекчилеринин күчү м-н жалпы кубаттуулугу 600 *квт/ска* жакын 10 электр станциясы ишке киргизилген. Согуштан кийинки 1-беш жылдыкта (1946—1950) кубаттуулугу 2,5 миң *квт*/стан ашык 32 гидроэлектр станция курулган. 1961-ж. 1-январда респ-кадагы колхоздордун 15%, совхоздордун 75% электрлештирилген. Электрлештирүүнүн жаңы этабы 1958-ж. кубаттуу колхоз электр станцияларын ишке киргизилгенден кийин колхоз-совхоздорду мамл. энергия системасына кошуудан башталды. Бул убакта жалпы кубаттуулугу 15,5 миң *квт* келген 98 колхоз, орток колхоз ж-а мамл. (айыл-кыштакта) гидроэлектр станциясы ж-а дизелдүү 111 электр станциясы (кубаттуулугу 5,7 миң *квт*) болгон. А. ч-сын мамл. энергия системасынын энергиясы м-н жабдуу максатында айыл-кыштактарда жогорку вольттуу электр берүү тармактары кеңейтилген. 1973-ж. а. ч-сын туташ электрлештирүү аяктады. Дан тазалоо, суу м-н жабдуу, тоют даярдоо иштерин, мал чарбасындагы оор жумуштарды ж. б. комплекстүү механикалаштырууда электр энергиясы кеңири пайдаланылууда. 1981-ж. а. ч-сына чыгымдалган электр энергиясы 895 млн *квт/сты* түзгөн, анын 770 млну өндүрүш керегине жумшалган. 1981-ж. 1-январда колхоз-совхоздордо 92,0 миң электр кыймылдаткычы (жалпы кубаттуулугу 627 миң *квт*) иштеген. Короо-сарайлар м-н өндүрүш жайларын, жылыткыч м-н парниктерди жылытууда, сугатта, дан тазалоо м-н тоют даярдоодо ж. б. өндүрүштөгү оор процесстерде электр энергиясын пайдалануга көп көңүл бурулууда. Парникте эрте жашылча өсүмдүктөрүнүн көчөтүн өстүрүүдө электр энергиясы кеңири колдонулуп жатат.

Э. Дүйшеев

МЕЛИОРАЦИЯ ЖАНА СУУ ЧАРБАСЫ

Сугат иштери азыркы Кыргызстандын аймагында мурдатан эле кеңири таралган. Ош, Нарын обл-тарынын, Чүй, Талас өрөөндөрүнүн аймактарында эски каналдардын изи азыр да кезигет. Кыргызстандын климат шартында а. ч. өндүрүшү ар дайым сугат дыйканчылыгына түздөн түз байланыштуу болгон. Рев-яга чейин сугат дыйканчылыгы өтө жай өнүгүп, калк негизинен жайытта мал багуу м-н күн көргөн. 1914-ж. респканын аймагында 434 миң *га* сугат жер болгон. Ал жерде негизинен жөнөкөй жол м-н дан ж-а беде өстүрүлүп, сугат аянты майда тилкелерден турган, пахта 22 миң *га*, картошка ж-а жашылча 14 миңдей *га* аянтты ээлеген. Сугат тармагында инженердик-гидротехникалык курулуш болгон эмес. Улуу Октябрь рев-ясынан кийин суу м-н жер эл кенчине айланып, сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. 1918-ж. 17-майда В. И. Ленин Түркстанда 500 миң теше жерге сугат иштерин жүргүзүү ж-дегү декретке кол койгон.

Айыл чарбасын коллективдештирүү көптөгөн майда каналдар м-н эски сугат системаларын кайрадан ре-




Ат-Башы каналын куруу. Кант р-ну. 1935—36.


конструкциялоого шарт түзгөн. Дан, пахта, кант кызылча, кендир ж. б. өсүмдүктөрдүн айдоо аянтынын кеңейишине ж-а өнүгүп жаткан мал чарбасына туруктуу тоют базасын түзүүгө байланыштуу респ-када сугат жерин кыйла көбөйтүү үчүн ири суу чарба объектилери курулган. 1925—40-ж. сугат дыйканчылыгын өнүктүрүүгө 16 млн сом жумшалган. Бул каражат эски сугат тармактарын калыбына келтирүүгө ж-а кайра куруугa, жаңы ирригация объектилерин тургузууга сарпталган. Бул жылдары Ош обл-нда Кара-Дарыя, Куршаб, Көгарт, Ала-Бука, Чүй өрөөнүндө Ысык-Ата, Чүй, Шамшы ж. б. суу системаларындагы каналдарды калыбына келтирүү б-ча зор иштер жүргүзүлгөн. 1927-ж. Чүй өрөөнүндө 17 миң *га* жерди суу м-н камсыз кылчу Краснореченка каналынын курулушу аяктаган. Ири ирригация объектилерин куруугa калк кеңири катышкан. 1932-ж. жазында курула баштаган Чөмүч плотинасында 3 миңдей киши иштеген. Топурак өгүз, ат м-н ташылып, көп жумуш кол м-н иштелген. Респ-ка аралык маанидеги бул гидротехникалык курулуш 1934-жылдын алгында бүткөн. 21,7 миң *га* жер сугарылчу Ат-Башы каналынын курулушу да өтөл жылы аяктаган. Зор көлөмдүү суу чарба жумуштарынын аткарылышына байланыштуу 1940-ж. респ-када сугат жерлеринин аянты 723 миң *га*га жеткен.


1941-ж. жазында Чүй өрөөнүндө Чоң Чүй каналынын (ЧЧК) батыш тармагынын ж-а респ-канын түштүгүндө Отуз-Адыр каналынын курулушу башталган. ЧЧКнын батыш тармагынын (узундугу 147 *км*) курулушунда 35 миңден ашуун киши иштеп, 40 жумуш күнүндө 6,24 млн $м^3$ жер казылып, жалпы узундугу 2460 *м* 46 темир-бетон түтүк салынган. Отуз-Адыр каналынын курулушунда 20 миңдей киши иштеген. Канал адырлардын тик, жантайма жардуу беттеринен өткөн. 3 млндон ашуун $м^3$ жер казууга туура келген. Жумуш кол м-н иштелгенине карабастан 64 күндө бүткөн. Кыргыз эмгекчилеринин суу ресурстарын элдин кызыкчылыгы үчүн пайдалануу ж-до кылымдардан берки үмүтүнүн ишке ашуусу ушул курулуштардан башталган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында ирригацияны өнүктүрүүгө 4 млн сом жумшалса, анын 3 млну колхоз каражаты болгон.


Төртүнчү 5 жылдыкта (1946—50) суу чарба курулушуна 14 млн сом, 1951—55-ж. 25 млн сом, 1956—60-ж. 47 млн сом, 1961—65-ж. 81 млн сом ыйгарылган. Респ-када сугат жерлеринин аянты 896,3 миң *га*ны түзгөн. 60-жылдарда Чүй д-нда сыймдуулугу 470 млн $м^3$ Орто-Токой суу сактагычынын, ЧЧКнын батыш ж-а чыгыш айрыгы, анын сугат тармактарынын курулушу аяктаган. Бул ири ирригация курулуштары Чүй өрөөнүндө сугат жерлерди 110 миңден ашуун *га*га кеңейтүүгө мүмкүндүк берген. Сыймдуулугу 39 млн $м^3$, сугат тармагы 20 миң *га* Томонку-Аларча суу сактагычы, 4,9 миң *га* жерди сугара алган Чоң Талас каналы, Ысык-Көл обл-нда 11,8 миң *га* сугат аянтын сугарчу «Комсомол» каналы курулган. Респ-канын түштүгүндө да 26 миң *га* жерди сугара алган Ак-Буура, 21 миң *га* жерди сугара турган Когарт, 26 миң *га* жерди сугарчу Кара-Үңкүр сугат системалары кайра курулган. 18 миң *га* жерди суу м-н камсыз кылууну жакшыртуу үчүн Базар-Коргон суу сактагычы, 1,2 миң *га* жерди сугарчу Кызыл-Жар насос станциясы ж. б. бир катар объектилер бүткөн. Сугат системаларына суу топтоо үчүн бир катар ири гидротехникалык түйүндөр курулуп, алар суу топтоо м-н бирге магистрал каналдарга кирүүчү агындыларды токтоткон. Чүй суусундагы Чоң Чүй каналынын батыш ж-а чыгыш айрыгынын башкы курулмалары, Куршаб суусундагы Куршаб плотинасы, Ош обл-ндагы Көгарт, Кара-Үңкүр плотиналары ушундай гидротехникалык түйүндөрдөн. Сугат системаларын кайра куруу ж-а сугат жерлерди тегиздөө б-ча зор иштер иштелген.

Сегизинчи 5 жылдыкта (1966—70) респ-када мелиорация м-н ирригацияга 211 млн сом капитал салымы каралып, алардын эсебинен 28,6 миң *га* аянттагы мурунку сугат жерлердин мелиорация абалы жакшыртылган, 29 миңден ашуун *га* жаңы жер өздөштүрүлүп, 32,6 миң *га* жер тегизделип, 100 миң *га*дан ашуун мурунку сугат жердин суу м-н камсыз болушу жакшырды. Бул жылдары Араван ж-а Ноокат р-ндорунун көшумча 6 миң *га* жерин сугаруу үчүн Найман суу сактагычы, Ала-Арча суусунун 10 миң *га* жерди сугарууну камсыз кылууну жакшырткан каналдары м-н суу сактагычы, Панфилов р-нунун 3,6 миң *га* жерин жер астындагы суу м-н сугарууга мүмкүндүк түзгөн объектилер, Кара-Дарыя чогултkуч каналы курулуп, ишке киргизилген. Ош обл-ндагы Араван, Ак-Буура ж-а Түштүк каналдары курулгандан кийин респ-канын түштүгүндөгү пахта өстүрүүчү негизги райондордун 6,3 миң *га* мурдагы жерин суу м-н камсыз кылууну жакшыртууга ж-а 3,5 миң *га* жаңы жерлерди сугарууга мүмкүн болду. Өндүрүмдүүлүгү 7 $м^3$/*сек* (келечекте бийик тоолуу Тянь-Шань ж-а Ак-Талаа р-ндорунун 7 миң *га* сугарылуучу жери) Куланак насос станциясы ишке киргизилген. Ирригация тармактарын кайра куруу ж-а сугат жерлерин мелиорация жагынан жакшыртуу б-ча зор иштер мамл. бюджеттин эсебинен гана









1. Талас каналы. 2. Түш каналы. 3. Кайырма суу бөлгүч курулмасы. 4. Куршаб д-ндагы башкы курулма.

эмес, колхоздордун каражаттарынын эсебинен да жүргүзүлгөн. Респ-канын колхоздору 8-беш жылдыкта 21 млн сом жумшап, анын эсебинен 26 миң *га* жер тегиздеп, 27 миң *га* аянтта ички чарбалык сугат системасы реконструкцияланган, 5 миң *га* жердин мелиорация абалы жакшырып, минден ашуун гидротехникалык курулуш курулган.

Тогузунчу 5 жылдыкта (1971—75) мелиорацияга 353 млн сом мамл. капитал салымы бөлүнүп, колхоз каражаттарынан 28 млн сом жумшалган. Булар 35,7 миң *га* жаңы сугат жерди өздөштүрүүгө, 175 миң *га* мурдагы сугат жерди суу м-н камсыз кылууга, 35 миң *га* жердин мелиорация абалын жакшыртууга, 43 миң *га* сугат жерди тегиздөөго, 442 миң *га* жайытты сугарууга мүмкүндүк түзгөн. Ири, техникалык жактан татаал ирригация объектилери: 42 миң *га* эски сугат жерин суу м-н камсыз кылуучу Чүй айланма каналы; сыйымдуулугу 90 миң $м^3$ суу сактагыч ж-а сугат тармагы (келечекте 11 миң *га* жаңы жерди сугарууга мүмкүндүк берет) бар Төрт-Күл ирригация комплекси ишке киргизилди. Чогултуучу каналы бар Ош-Арча насос станциясынын курулушу аяктады. Киров суу сактагычы пайдалануага берилип, долбоор б-ча бардык иш жүзөгө ашырылып, Кыргызстан м-н Казакстандын кошумча 55 миң *га* жерин сугарууга ж-а эки респ-канын 80 миң *га* сугат жерин суу м-н камсыз кылууга мүмкүндүк түзүлдү. Онунчу 5 жылдыкта (1976—80) жерлерди мелиорациялоого 392 млн сом жумшалган. Тогузунчу ж-а 10-беш жылдыктарда респ-канын сугат дыйканчылыгын өнүктүрүүдө, түшүмдү арттырууда жаңы сугат жерлерди өздөштүрүү ж-а мурдагы сугат жерлерди суу м-н камсыз кылууну жогорулатуу, артезиан скважиналарын, он күндүк ж-а суткалык жонго салуу бассейндерин, майда насос станцияларын куруунун эсебинен ишке ашырылуучу «кичи ирригация» кыйла орун ээлей баштады. Респ-канын колхоздорунун, совхоздорунун ж-а мамл. башка уюмдарынын талааларында 1979-ж. 968 артезиан скважинасы, 1060 майда туруктуу ж-а көчмө насос станциялар, 170 он күндүк ж-а суткалык жонго салуу бассейндери иштеген.

Респ-када суу чарба курулушун 5 курулуш трести башкарган 39 механикалаштырылган көчмө колонна м-н курулуш-монтаждоо башкармасы тейлейт. 1979-ж. респ-канын мелиорация ж-а суу чарба министерствосунун суу чарба уюмдарынын ар түрдүү маркадагы 737 экскаватору, 515 бульдозёру, 3171 автомашинасы ж. б. механизмдери болгон. Респ-ка Совет биллиги жылдарында СССРдин сугат дыйканчылыгынын 981 миң *га* сугат жери бар ири зоналарынын бири болуп калды. Көптөгөн мелиорация системаларын ж-а курулуштарын куруугa мамл. каражат жыл сайын көп бөлүнүүдө. Алар 1965-жылдагы 6,9 млн сомдун ордуна 1980-ж. 26 млн сомду түзгөн. Сугат системаларын ж-а коллектор-дренаж тармагын пайдалануу сугат системаларынын 3 обл., 1 бассейндик өндүрүш башкармасы жетектеген сугат системаларынын 38 райондук башкармасы, суу сактагычтардын ж-а район аралык 7 башкармасы тарабынан иш жүзүнө ашырылат. Респ-када селден ж-а кирген суудан сактануу үчүн капиталдык тосмо курулуштарын куруу аяктырылды. Мурда бардык сугат системаларында селге ж-а кирген сууга көп туруштук бере албаган, начар сапай, таш-чыртык байламта ж-а жөнөкөй дамбаларды курушкан. Азыркы дамбалар жерг. материалдардан курулуп, ири-ири таш м-н капталат. Дамбаларды куруу толук механикалаштырылып, пайдалануугa ыңгайлуу ж-а чыдамдуу келет.

Сугат системаларына агынды көп жыйылгандыктан каналдарды тазалоо жумуштарын механикалаштыруу ото маанилүү. 1980-ж. каналдарды механизм м-н тазалоо көлөмү 92%ке жетип, 5500 миң $м^3$ грунтту түзгөн. Тоо сууларынын агыны сутканын ичинде бир калыпта болбойт. Бул сууну топтоо ж-а болуштүрүүдө олуттуу кыйынчылыктарды пайда кылат. Ошондуктан суу чарбасында каналдардагы суунун чыгымдалышын көзөмөлдөөнү, ирригация объектилеринин бузулбай иштешин, сууну ж-а жумуш убактысын кыйла үнөмдөөнү камсыз кылуу үчүн сугат системаларын ж-а гидротехникалык курулуштарды автоматташтыруу ж-а телемеханикалаштыруу олуттуу маанилүү. Сугат системаларын автоматташтыруу б-ча бүткүл союздук ил. из. бирикмесинин, К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-тунун гидромелиорация факультетинин, Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунун ж-а Чүй сугат системалар башкармасынын илимпоздору ж-а адистери ирригация системаларын автоматташтыруу ж-а телемеханикалаштыруу проблемалары б-ча эмгектенип жатат. Чомуч плотинасы, Ат-Башы сугат системасы, Орто-Токой ж-а Найман суу сактагычтары, Чоң Чүй каналынын батыш ж-а чыгыш тармактарынын башкы курулуштары, Аламүдүн ж-а Ала-Арча тундурмалары, о. эле Краснореченка гидротүйүнү автоматташтырылып, телемеханикалаштырылган. Респ-канын сугат системаларында 150 калканч-автомат курулган. Сугат жерлеринин мелиорация абалына зор көңүл бурулат. Шор ж-а такыр жерлер көбүнчө Чүй өрөөнү, Нарын ж-а Ош обл-тарында жайгашкан. Жердин мелиорация абалын жакшыртуу үчүн 4600 миң *км*ден ашуун коллектор-дренаж тармагы курулуп, шор, тортоң жерлерди шордон арылтуу ж-а гипстоо б-ча иштер жүргүзүлүүдө. Респ-канын а. ч-нда негизги орунду мал чарбачылыгы ээлегендиктен, жайыт сугаруу эл чарбасынын маанилүү проблемасы болуп саналат. Респ-канын аймагындагы 8,9 млн *га* жайыттын 5,2 млну табигый жайыт, 2060 миң *га*сы 1034 сугат курулмасынын жардамы м-н сугарылат.

Айыл чарба өндүрүшүн уламдан улам өнүктүрүү суу ресурстарын барган сайын көбүрөөк пайдалануугa ж-а сугат жерлерин арттыруга (сугарылуучу ар бир *га* жер кайрак жерге салыштырганда 3—4 эсе көп дүң продукция берет) негизделет. Респ-када сугат аянттарын көбөйтүү м-н бирге сугат жерлердеги а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн кыйла жогорулатууга багытталган агротехникалык ж-а мелиорациялык бир катар иштер аткарылмакчы. Сугат жерлерден тоютту арбын топтоо, жаңы жайыт түзүү, тоо чабындыларын сугаруу аркылуу малдын саны көбөйүп, кунардуулугу жогоруламакчы. Суу чарбасына о. ж., коммуналык, балык чарбалары ж. б. барган сайын көбүрөөк талап коюуда. Суу чарба балансы негизинен суу сактагычтарга күйган сууларды жонго салуунун, гидротүйүндөрүн куруунун, суулардын куюшун ич ара ж-а суу алаптарынын ортосунда болуштүрүүнүн, сугат системаларынын эскилерин кайра куруу ж-а техникалык жактан шайма-шай жаңыларын куруунун, о. эле пайдаланылуучу жерлерди сугаруунун прогрессүү ыкмаларын ишке кеңири киргизүүнүн эсебинен жүзөгө ашырылмакчы. Респ-када келечекте 19 суу сактагыч куруу, айрым суу алаптарынын ортосунда сууну кайра болуштүрүү, о. эле пайдалуу коэффициентин жогорулатуу ж-а ирригация системаларын автоматташтыруу ж-а телемеханикалаштырууну кеңири колдонуу максатында азыркы сугат системаларын кайра куруу белгиленген.

С. Осмонов

КУРУЛУШ

Респ-канын эл чарбасынын өнүтүшүндө капиталдык курулуштун мааниси зор.

Бул таблицадан респ-канын капиталдык курулушунун улуттук киреше түзүүдөгү үлүшү бир кыйла көп экендиги көрүнүп турат. Респ-канын эл чарбасындагы капитал салымынын өсүү темпинин жогору болгондугу курулуш масштабынын жылдан жылга кеңейишине шарт түздү. Респ-када 1925—80-жылдарда курулуш үчүн 16,4 млрд сом жумшалган. Айрыкча о. ж. курулушу тез өскөн. Респ-ка уюшулгандын биринчи жылдарында эле Фрунзе ш-нда нооту ф-касы ж-а булгаары з-ду курулган. Биринчи 5 жылдыкта көмүр о. ж. ишкапасы — Таш-Көмүр, Кадамжай сурьма комбинаты, Кант ж-а Кара-Балта кант з-ддору, Фрунзе тамеки ф-касы курулган. Бир топ объектилер Улуу Ата Мек. согуш жылдарында ишке киргизилген. Алардын ирилери: Хайдаркен сымап комбинаты, Ак-Түз коргошун кени, М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машиналарын куруу з-ду, Аламүдүн ГЭСи, Пржевальск кийим ж-а бут кийим тигүү комбинаты, Новотроицк ж-а Токмок кант з-ддору.

Күрулуштун эл чарбасындагы үлүшү (% м-н)

	1961—65	1966—70	1971—75	1976—80
Коомдук дүң продуктудагы	11,9	12,7	10,9	10,6
Улуттук киреше дегн. . .	9,4	11,4	11,0	11,2
Иштегендердин ичиндеги .	8,8	8,2	7,9	7,3
Негизги фондунун наркындагы бардык негизги фонду	2,3	4,4	3,7	3,4
негизги өндүрүш фонду .	3,9	6,9	5,6	5,5

Согуштан кийинки 5 жылдыктарда (4—5-) о. ж. курулушу үчүн капитал салымы бир кыйла көбөйгөн. Сүлүктү м-н Кызыл-Кыядагы көмүр шахталары, «Алмалык» көмүр разрези, «Кыргызкабель», Ош насос з-ддору, Үч-Коргон ГЭСи ж-а Фрунзе ТЭЦи, Кант цемент з-ду, Фрунзе м-н Оштогу үй куруу комбинаттары, Фрунзе бут кийим ф-касы м-н камвол-нооту комбинаты, Кайыңды кант з-ду, бир катар эт комбинаттары, май ж-а нан заводдору курулган. Фрунзе — Ош автомобиль жолу салынган. Сегизинчи ж-а тогузунчу 5 жылдыктарда Ат-Башы ГЭСи, Фрунзе автомобиль кураштыруу, Майлы-Сай электр лампа з-ддору, Фрунзе бургу з-дунун 1-кезеги, Ош токуу комбинаты, Ак-Суу кант з-ду, Жалал-Абад бут кийим ф-касы, Токтогул, Караван ж-а Токмок сүт з-ддору, Пржевальск эт комбинаты, Фрунзе ж-а Кызыл-Кыя бут кийим ф-калары, Жалал-Абад, Калининскидеги ун комбинаттары, Фрунзедеги электрон-эсептегич машинкалар з-ду, 2-үй куруу ж-а булочка-кондитер комбинаттары ж. б. ишке киргизилген.

Онунчу 5 жылдыкта (1976—80) Оштогу ж-а Пржевальскидеги сүт з-ддору, Фрунзедеги булгаары з-ду, Токмоктогу камвол-нийрүү ф-касы, Рыбачье ун комбинаты; Таш-Көмүр тамеки ферменттөө, Нарын аралап тоют, Ош таш ылгоо з-ддору, Беловодский кыштагындагы ири панелдүү үй куруу з-ду, Рыбачье темир-бетон буюмдар з-ду, Совет ш. т. посёлкасындагы Кан мебель ф-касы, «Манас» аэропортунун комплекси, Фрунзедеги мамл. цирк пайдаланууга берилди. Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын курулушу, Фрунзедеги Орус тил ж-а адабияты педагогика ин-тунун имараты курулуп бүтүп, көп ири цехтер, социал-

дык-маданий ж-а турмуш тиричилик объектилери ишке киргизилди. Негизги өндүрүш фондусу бир кыйла өстү.

Онунчу 5 жылдыкта (1976—80) 4,5 млрд сомго жакын негизги фонд ишке киргизилип, 1980-жылдын акырында алардын наркы 13,5 млрд сомду түзгөн. Турак жай, социалдык-маданий, турмуш тиричилик объектилеринин курулушу кеңири масштабда жүргүзүлгөн. 1925-жылдан бери респ-када машл. ж-а кооперация каражатынын, о. эле калктын өз каражатынын эсебинен жалпы аянты 34 023 миң $м^2$ турак үй курулуп, анын 5 млн $м^2$ден ашыгы 10-беш жылдыкта салынган. Шаарлар м-н

Негизги өндүрүш фондусунун динамикасы (1965-жылга карай % м-н)

	1965	1970	1975	1980
Эл чарбасы б-ча бардыгы	100	171,3	271,4	339
Өнөр жайы	100	183,9	316,6	433
Айыл чарбасы	100	143,0	216,3	288
Курулуш	100	291,3	403,3	555

кыштактарда 117 миңге жакын окуучулук жалпы билим берүүчү мектептер, 21 миң орундуу мектепке чейинки балдар мекемелери, 3,9 миң орундуу ооруканалар, бир сменада 3,6 миң кишинин тейлей турган поликлиникалар тургузулган. О. эле 500 *км*ден ашуун суу жүргүч ж-а канализация линиясы курулган. Онунчу 5 жылдыкта респ-када 4,7 млрд сомдук капитал салымы өздөштүрүлгөн. Бул 9-беш жылдыкка караганда 650 млн сомго көп болгон.

Респ-канын капитал салымынын $^1/_3$үнө жакыны анын түштүгүнө туура келет. Ош обл-нда респ-канын бардык көмүр о. ж. ишканалары топтолгон. Мында жаңы завод-фабрикалар курулуп, иштеп жаткандары реконструкцияланып кеңейтилүүдө. Турак үйлөр, социалдык-маданий турмуш тиричилик объектилери көбөйүүдө. Респ-канын капитал салымынын бир кыйласы түштүктүн а. ч-сын өстүрүүгө жумшалат, айрыкча, мелиорациялоо, суу чыгаруу жолу м-н пахта аянтын кеңейтүүгө сарыталат.

Респ-кага баш ийген райондордо ж-а Фрунзе ш-нда калктын өсүү темпинин ылдамдыгы турак жай ж-а

Эл чарбасынын тармактар б-ча капиталдык салымдын түзүлүшү (жалпы жыйынтыкка карай % м-н)

Өндүрүш тармагы	1961—65	1966—70	1971—75	1976—80
Бардыгы	100	100	100	100
Өндүрүш чөйрөсү	75,8	73,8	73,6	75,3
а. и.:				
өнөр жайы	39,9	37,3	35,6	33,2
электр энергетикасы	11,2	10,6	12,1	8,5
машина куруу	2,6	4,2	6,0	7,4
курулуш	3,8	4,4	3,8	3,5
айыл чарбасы	15,8	17,4	21,0	24,1
транспорт ж-а байланыш	8,7	7,9	8,1	9,6
өндүрүшкө тиешесиз чөйрө	24,2	26,2	26,4	24,7
а. и.:				
турак үй курулушу	14,5	14,8	12,9	11,5

коммуналык курулушка, о. эле шаарды а. ч. азык-түлүгү м-н камсыз кылуучу шаар айланасындагы чарбаларды кеңейтүүгө жумшалуучу капитал салымынын коломун көбөйтүүнү талап кылды. Тез өсүүчү шаарларда тамак-аш о. ж. тармагын кеңейтүүнүн ж-а аны оркүндөтүүнүн социалдык-экон. мааниси чоң. Респ-канын түндүгүндө эл чарбасына капитал салымдын көбүрөөк чыгымдалышы ошол аймактан комплекстин респ-канын а. ч. м-н индустриясында башкы орунга чыгышына мүмкүндүк берди. Нарын, Ысык-Көл обл-тарынын али аз өздөштүрүлгөн отун-энергетика ресурсун пайдалануу үчүн капитал салымды көбүрөөк жумшоо талап кылынат. Антпесе ал көмүр, энергетика ж. б. о. ж. тармактарынын кеңири өсүшүнө комок болот. Ысык-Көлдүн курорт зонасындагы курулуш иштерине да капитал салым көп керектелет. Өндүрүш тармагына чыгымдалуучу каражаттын салыштырма салмагынын көптүү респ-канын жогорку темп м-н индустриялаштырылышына байланыштуу. 70-жылдардын акырында электр энергетикасы м-н машина курууга жумшалчу капитал салымдын үлүшү да көбөйдү. Коомдук өндүрүштүн түзүлүшүн жакшыртуу максатында келечекте машина курууну, электр энергетикасын, курулуш материалдар о. ж-ын, курулуш индустриясын көбүрөөк өнүктүрүү белгиленүүдө. Аларды өнүктүрүүгө бардык капитал салымдын $^1/_4$ бөлүгү жумшалат.

Энергетика, минерал-сырьё ресурстарды өздөштүрүүгө да бир кыйла каражат жумшалат. Күрп-Сай ГЭСинин курулушу бүткөндөн кийин бардык күч ж-а каражат Таш-Көмүр ГЭСин бүтүрүүгө, Үч-Коргон ГЭСинин курулушуна жумшалып, Камбар-Ата ГЭСин куруу башталат. Түстүү металлургия кеңири өнүктүрүлөт, калай руда ишканасынын курулушу кеңейтилет, алтын руда комбинаты иштей баштайт. Кыргыз тоо-кен металлургия комбинатында жаңы цехтерди куруу эсебинен жарым откоргүч о. ж. өнүгөт.

Респ-канын эл чарбасына капитал салымдын көбөйүшүнө жараша курулуш-монтаж жумушун аткаруу көлөмү да кеңейүүдө. Бардыгы респ-када 1925—80-жылдарда курулуш-монтаж жумушунун көлөмү 8,2 млрд сомдон ашкан. Барган сайын курулуш-монтаж жумушу кеңири жайылтылып, курулуш-монтаждоо уюмдары уламдан улам адистештирилүүдө. Ортоктоп курулуш уюмдарынын тармагы пайда болуп, алардын саны 1981-ж. 49га жеткен. Ал эми алар аткарган жумуштун көлөмү 56 млн сомдон ашкан. Курулуш-монтаж жумушун механикалаштыруу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн, курулуш чыгымын азайтуунун маанилүү булагы болуп эсептелет. 1981-ж. түрдүү жер иштерин комплекстүү механикалаштыруунун деңгээли 97,7%ке жетсе, бетон ж-а темир-бетон конструкцияларын монтаждоо 88,3% болгон. Респ-када негизги курулуш машиналарынын наркы дайыма толукталып турат.

Курулуш кадрлары м-н квалификациялуу инженер-техник кызматчыларды даярдоо ж-а тарбиялоо капиталдык курулуштун өсүшүнүн негизги себеби болуп эсептелет. 1965—80-ж. курулушта иштеген жумушчулардын жалпы саны 28,4% көбөйүп, курулуш-монтаж жумушунун көлөмү 83,6%тен көбүрөөк өскөн. Курулуш-монтаж жумушунун өзүлүк өсүшү курулуш ишинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен болгон. 1970—80-ж. эмгек өндүрүмдүүлүгү 26,0% өскөн. Жумушчулардын составында да сапаттуу өзгөрүш болгон: машинисттер м-н моористтердин, монтажчылардын, электр-газ ширетүүчүлөрдүн саны көбөйүп, квалификациясыз жумушчулардын саны азайган.

Курулуш сапатын жакшыртуу индустриялаштыруу га байланыштуу. Курама курулуш пайдаланылып, өндүрүштү уюштыруунун прогресстүү түрлөрү киргизилүүдө. Курама курулуштун өсүшү темир-бетон конструкцияларын колдонууга байланыштуу. Курама конструкциялар турак жай курулушунда кеңири колдонулат, о. эле граждандык курулушта да пайдаланылууда. Курама курулуштун өнүгүшүнөн улам жыгач, пластмасса ж-а полимер-цемент-бетон конструкциялар ж. б. кеңири колдонула баштады. Курама курулуш методу монтаждоо жумуштарына да киргизилүүдө. Курама курулуш конструкцияларын ж-а темир-бетон тетиктерин колдонуу курулуш ишиндеги коомдук эмгекти бир кыйла үнөмдөп, анын патыйжалуулугун жогорулатат. Курулуштун башка жаңы ыкмалары да респ-када кеңири колдонулууда.

Ш. Мусакожоев, П. Пахиров

Подряддык курулуш-монтаждоо уюмдарындагы негизги курулуш машиналары м-н механизмдердин парки (жылдын аягында, саны)

Механизмдер	1960	1965	1970	1975	1980
Бир ж-а көп чөмүчтүү экскаваторлор	316	623	1041	1188	1343
Скреперлер	119	161	349	403	404
Бульдозёрлор	322	632	966	972	1064
Жылдырма крандар	237	647	953	1245	1429
Автожүктөгүчтөр	50	93	129	171	301
Автогрейдерлер	115	177	136	189	189

КОММУНАЛЫК ЧАРБА

Коммуналык чарба шаар м-н посёлкалардын калкын, өндүрүш ишканаларын, курулуш, транспорт ишканаларын суу, газ, жылуулук м-н тейлейт. Алардан чыккан булганыч сууларды канализация тармагына кабыл алат. Коммуналык чарбанын өнүгүү даражасы элдин жыргалчылык деңгээлине, санитариялык-гигиеналык шартын жакшыртууга, аба ж-а суу бассейндеринин, табияттын тазалыгына, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына, эмгекчилердин иштешине, турмуш-тиричилиги ж-а эс алышына зарыл шарт түзүүгө түздөн түз таасир тийгизет. Бул чарбага суу м-н камсыз кылуу, канализация, мончо, кир жуугуч жай, мейманкана, жүргүнчүлөрдү ташуучу коомдук транспорт, санитариялык тазалоо, курулуштарды каттоо, турак жай, жылуулук ж-а газ чарбалары, граждандык тейлөө (корүстөндөр), айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү, ремонттук-курулуш жайлары карайт. Калктуу жерлерди көрктөндүрүү иштериндеги орток пайдалануучу бак-дарак, ирригация тармактары ж-а гидротехникалык курулуштар, жол, тротуар, көчөлөрдү жарык кылуу, жол өткөөлдөрү, кийим отмөлөр, эстакада ж-а көпүрө, фонтан, жээк ж-а сел тосмолору ж. б. кирет.

Рев-яга чейин респ-када коммуналык чарба ишканаларынын бирдиктүү системасы болгон эмес. Совет бийлигинин жылдарында респ-канын коммуналык чарбасы илим м-н техниканын азыркы жетишкендиктерин колдонуу м-н пландуу ургаал өнүккөн ири тармакка айланды. 1926-жылдын башында шаарлардын коммуналык турак жай фондусу 71 миң $м^2$ турак үй аянтын түзгөн. 1928-ж. түңгуч мейманкана ачылып, мончо курулган. 1932-ж. Фрунзеде узундугу 9 *км*, кубаттуулугу суткасына 6 миң $м^3$ суу м-н камсыз кылуучу борборлоштурулган алгачкы система пайдаланууга берилген. 1940-жылдын аягында коммуналык чарбанын карамагында 668 миң $м^2$ турак үй аянты, 9 мончо, 5 мейманкана болуп, 17 *км* көчө жарык кылынып, 125 *км* көчөгө таш төшөлүп, Фрунзедеги суу жүргүч тармагынын узундугу 48 *км*ге жеткен. Респ-канын коммуналык чарбасы согуштан кийинки жылдарда ого бетер өнүктү. 1947-ж. турак жай фондусун газ м-н камсыз кылуу башталып, 1951-ж. Фрунзеде 13 *км* аралыкка алгачкы троллейбус жүргөн. Ө. жайдын өсүшү, жаңы шаарлардын ж-а ш. т. посёлкалардын курулушу м-н турак жай фондусу, ага ылайык коммуналык чарбанын башка тармактары да өнүккөн. 1957-ж. КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин «СССРде турак жай курулушун өнүктүрүү жөнүндө» токтому кабыл алынгандан кийин турак жай курулушу кеңири кулач жайган.

Турак жай фондусунун өсүш темпинин тездешине көп кабат үйлөрдү, ири массивдерди өздөштүрүүдө инженердик байланыш тармактардын ж-а курулуштардын комплекстүү өнүгүшү, аймакты абаттоо, Фрунзедеги, Оштогу толук курама ири панелдүү ж-а каркасги, панелдүү үй куруунун өздөштүрүлүшү шарт түзгөн. Капиталдык ремонттоодо турак жайдын жабдылышы жакшырды. 1981-ж. коомдук турак жай суу жүргүч м-н 82%, канализация м-н 77%, борборлоштурулган жылуулук м-н 79%, ысык суу м-н 54%, ванна ж-а душ м-н 71%, газ м-н 92%, электр м-н 100% жабдылган. Бардык шаарлар, ш. т. посёлкалар ж-а айыл-кыштактардын көшаарлар, ш. т. посёлкалар ж-а айыл-кыштактардын көбү борборлошкон суу тармагына бириктирилген. Жыл сайын суу тармактарынын узундугу ж-а суу топтогучтардын кубаттуулугу артып, тармактарга суу берүү көбөйүүдө. 1981-ж. коммуналык-тиричилик үчүн шаарларда ж-а райондук борборлордо суткасына киши баласына 135 *л* суу пайдаланылып, Фрунзе ш. б-ча бул көрсөткүч 644 *л*ге жеткен. Суу жүргүчтөрдүн кубаттуулугу суткасына 811 миң $м^3$ болуп, 1981-ж. көчөдөгү суу жүргүч тармактарынын узундугу 2308 *км*ден ашкан. Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Токмок шаарлары, Шакафтар ж-а Кант ш. т. посёлкалары канализацияланган. Бул тармактардын узундугу 286,6 *км*ди түзүп, канализациялар суткасына 385,5 миң $м^3$ суу (1981) чыгарып турат.

Шаарлар м-н калктуу пункттарды абаттоо кыйла жакшырды. 1981-жылдын башында шаарлардагы ж-а райондук борборлордогу таш төшөлгөн көчөлөрдүн узундугу 78,6%, асфальттаганы 53%, таш төшөлгөн тротуарлар 34%, асфальттаганы 30% болгон. Респ-канын борбору Фрунзе шаарынын көчөлөрү м-н проспектилерине монумент курулуштар тургузулуп, аянттар жасалды. Тогузунчу беш жылдыкта башкы магистраль проспектилерди реконструкциялоо иштери жүргүзүлдү. Аламүдүн суусуна көпүрө салынып, Белинский көчөсү м-н Тынчтык проспектисинде жол өткөөлдөрү курулду. Совет элинин фашисттик Германияны жеңгендигинин 30 жылдыгына карата Жаш Гвардия бульварында Кыргызстандык баатырлардын аллеясы ачылды. Онунчу беш жылдыкта респ-када мамл. кооперациялык, индивидуалдык ж-а колхоздук каражаттардын эсебинен 4075 миң $м^2$ турак жай пайдаланууга берилди. Суткасына 66,6 миң $м^3$ суу берген суу жүргүч, узундугу 336,4 *км* суу жүргүч тармагы, суткасына 695,5 миң $м^3$ суу агызган канализация, 24,8 *км* жылуулук тармагы, 118,8 *км* газ тармагы, 37,6 *км* троллейбус линиясы ишке киргизилди.

Респ-канын шаарлары м-н кыштактарын абаттоо ж-а жакшыландыруу б-ча зор иштер аткарылды. Турак жай курулушуна 291,9 млн сом, а. и. коммуналык объектилердин курулушуна 109 млн сом мамл. капиталдык салым болүнгөн. Мис., Фрунзе шаарынын Алматы көчөсүндө жол өткөөлү курулуп, борб. «Айчүрөк» дүр-дүнүйө дүкөнүнүн, «Ала-Тоо», «Ысык-Көл» кинотеатрларынын жанында гүлзарлар, Улуу Октябрь рев-ясы атн. гүлзар жасалды. Ленин проспектиси м-н Белинский көчөсүнүн, Ленин проспектиси м-н Совет көчөсүнүн кесилиштеринде жер астындагы өткөөлдөр курулду. Жыл сайын шаарлар м-н райондук борборлордо 600 миңден ашуун бак-дарак, бадал тигилет. Жашылдандыруунун жалпы аянты 8942 *га*га (1979) жетип, анын 2540 гектары орток пайдаланылуучу жер болуп саналат. Фрунзе, Ош, Пржевальск, Токмок, Талас, Кызыл-Кыя ж-а Жалал-Абадда көчөт ж-а гүл өстүрүүчү питомник чарбалары түзүлгөн. Оранжереялардын ж-а жылыткычтардын аянты 36 *га*га жеткен. Питомниктерде эмен, кайың, липа, каштан, кызыл карагай, тянь-шань карагайы, кара жыгач, терек ж. б. өстүрүлөт. Гүл өстүрүүчү чарбалар жыл сайын оранжереялар м-н ачык жерлерде 8 млнго жакын түп ар түрдүү гүл өстүрөт.

Коммуналык 40 мейманкана бар (1982). Алар негизинен респ-канын бардык шаарлары м-н райондорунун борборлорунда жайгашкан. Фрунзе, Ош, Пржевальск, Токмок, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ж-а Таш-Көмүрдө мончо-кир жуугуч комбинаттар иштейт. Респ-када коммуналык 33 кир жуугуч жай бар. Калкты мончо ж-а кир жуучу жай м-н тейлөө улам жакшырууда. Кир жуугуч пункттардын кабыл алуу тармактары жыл сайын кеңейүүдө. Турак жай фондусун ж-а коммуналык чарба объектилерин тейлөө үчүн ремонттоочу-курулуш уюмдары түзүлгөн. Коммуналык чарба кызматы респ-канын бардык шаарларында ж-а райондун борборлорунда бар. Алар Эл депутаттарынын советтеринө ж-а Кыргыз ССР турак жай-коммуналык чарба министерствосуна баш ийип, коммуналык ишканалардын комби-

паттарына бириктирилген. Айрым тармактар «Кыргызгазификация» бирикмесинин, Кыргыз ССР автотранспорт ж-а шоссе жолдор мин-восунун, «Кыргыз главэнерго» ж. б. министерстволор м-н ведомстволордун карамагына кирет.

Коммуналык чарба объектилерин ж-а турак жай курулушун мындан ары да кецейтүү белгиленүүдө. Мында турак жай фондусу респ-ка б-ча жалпысынан 1980-ж. 33 млн $м^2$ден 1990-ж. 44,9 млн $м^2$ге осот, а. и. шаарларда 14,4 млн $м^2$ден 20,5 млн $м^2$ге чейин, айыл жерлеринде 18,6 млн $м^2$ден 24,4 млн $м^2$ге чейин жетет. 1990-жылга чейин Ысык-Көл курорт зонасында (Чолпон-Ата, Рыбачье, Бостери, Долинка, Ананьев, Чок-Тал) тазалоочу жайлары бар канализация тармагын куруу, Фрунзе, Токмок, Пржевальск, Кызыл-Кыя, Жалал-Абадда, ш. т. посёлкаларда ж-а райондук ири борборлордо да тазалоочу жайлары бар канализация тармактарын куруу каралган. Он биринчи 5 жылдыкта шаар м-н кыштактарда 145 миц квартирага газ киргизүү ж-а 250 *км* газ тармактарын куруу, 11-беш жылдыкта 160 миц квартирага газ киргизип, 300 *км* газ тармактарын куруу белгиленген. 1990-жылга чейин бардык квартиралардын 88%, а. и. шаарларда 90%, кыштактарда 86% газ м-н камсыз кылынмакчы.


1990-жылга чейин респ-канын бардык коомдук турак жай фондусунун 90%ке жакынын борборлоштурулган жылуулук м-н камсыз кылуу белгиленүүдө. Ал үчүн 156 *км* жылуулук тармагы ишке киргизилмекчи. Троллейбус линияларын куруу Фрунзеде, Ошто улантылып, Жалал-Абад, Токмок, Пржевальскиде башталат. Жүргүнчүлөрдү үзгүлтүксүз ташуу ж-а жол-коцуро чарбасын жакшыртуу үчүн шаарларда 8 жол откоолу, жоо кишилик 10 откоол, шаар ичинде 30 дан ашуун ар түрдүү объектилерди ж. б. куруу каралган. Көз бир шаарларды ж-а калктуу пункттарды киргеи суу м-н селден коргоочу гидротехникалык курулмаларды тургузуу белгиленүүдө. Респ-канын калктуу пункттарынын санитариялык абалын жакшыртуу максатында жашылдандыруу ж-а абаттоо, атайын машиналарды кобөйтүү, Фрунзе м-н Ошто тазтандыны кайра иштетүүчү заводдорду куруу каралган. Респ-канын коммуналык чарбасын өнүктүрүүгө 1981—90-ж. 373 млн сом капиталдык салым каралды. Бул мурдагы беш жылдыкка салыштырганда 2 эсеге коп. *К. Жуманалиев*

ТРАНСПОРТ

Респ-канын транспорт тармагы Совет бийлиги жылдарында пайда болуп, ага темир жол, автомобиль, аба, суу ж-а түтүк транспорттору кирет. 1980-ж. респ-канын жалпы пайдаланылуучу темир жолунун узундугу 372 *км*, автомобиль жолунуку 23,2 миц *км* болгон.

Темир жол транспорту. 20-жылдары Луговой — Пишпек темир жолу курулган. Жети-Суу темир жол айрыгы курулгандан баштап респ-канын түндүгү СССРдин жалпы темир жол тармагына кошулду. 1932-ж. Фрунзеден Кантка, 1942-ж. Быстровкага чейинки темир жол курулду. 1950-ж. Фрунзе — Быстровка — Рыбачье темир жолу бүтүрүлүп, ал жол аркылуу Ысык-Көл ж-а Нарын обл-тарынын а. ч. азык-түлүгү ташыла баштады. Кыргызстандын түштүгүндө темир жол курулушу 1-беш жылдыкта күчөп, ал жылдары Кубасай — Кызыл-Кыя (1928), Кара-Суу — Ош (1930), Жалал-Абад — Көк-Жацгак (1932), Үч-Коргон — Таш-Көмүр (1935) ж-а Пролетарск — Сүлүктү темир жолдору курулду. Темир жол транспортунун өркүндөшү респ-канын ө. ж. м-н а. ч-сынын тез өсүшүнө чоң өбөлгө түздү. Темир жол м-н жүк ташуу 1928-жылдан 1981-жылга чейин 125,8 эсе көбөйүп, 8,4 млндон ашуун *т* болду. 1950—65-жылдардын ичинде респ-канын жол чарбасы реконструкцияланып, станциялуу темир жол узундугу 2 эсе көбөйдү. Авыр бардык темир жол станциялары релелүү автомат блокировка м-н жабдылган. 1973-ж. бардык паровоз тепловоздорго алмаштырылган. Тепловоздордун тартуу күчү бир айрыктуу жолдордун жүк ташуу кубатын 2 эсе, ал эми эмгек өндүрүмдүүлүгүн 15% жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүп, жүк тартуунун өз наркын 20—25% төмөндөттү.


Темир жол транспортун кайдан жабдуунун негизинде жүк тартуучу поезддердин ылдамдыгы алда канча көбөйгөн. Эгер 1928-ж. алардын ылдамдыгы 20 *км*/саат болсо, 1979-ж. 70 *км*/саатка жеткен. Сегизинчи — тогузунчу 5 жылдыктарда респ-канын дээрлик бардык темир жол станциялары жүк жүктөөчү ж-а түшүрүүчү крандар м-н жабдылып, чубурма жүк түшүрүү ж-а жүктөөго ыцгайлуу темир жолдор курулууда. Жүк жүктөө ж-а түшүрүүнү механикалаштыруу деңгээли 1974-ж. 85—88%ти түзгөн ж-а бул көрсөткүч жылдан-жылга өсүүдө. Темир жол транспорту м-н жүргүнчү ташуу өркүндөдө. 1936-ж. Фрунзе — Жалал-Абад, 1947-ж. Фрунзе — Москва жүргүнчү ташуучу поезддери каттай баштаган. Жүргүнчү ташуучу вагондордун басымдуу көпчүлүгүнө аба желдеткичтер орнотулуп, жүргүнчүлөргө абдан ыцгайлуу металлдан жасалган. 1981-ж. темир жол транспорту аркылуу 852 миц дей жүргүнчү ташылган. Эл чарба жүгүн ташууну мындан ары өркүндөтүү максатында темир жол транспортунун жүк жүгүртүүсүн арттыруу, анын өткөрүү ж-а тартуу кубатын ылдамдатуу, темир жол транспортуна жацы кошулган техниканын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу, жолдорду автомат блокировка м-н



Кызыл-Кыядагы эки куут т. ж-дун паровоз депосу, 1928.

жабдууну ж-а диспетчерлөөнү, ө. эле борборлоштурууну жакшыртуу, жол оцдоо иштерин толугу м-н механикалаштыруу зарыл. 1974-ж. Пишпек станциясы толугу м-н реконструкцияланды; 1975-ж. электр көрсөткүч ж-а сигнал борборлоштурулду; жүргүнчү тартуучу вагондорду көөуучу атайын айрык жолдор курулду; Луговой станциясынан Пишпекке чейин электр берүү линиясы пайдалануага берилди; Рыбачьеде кошумча станция темир жолу курулду, механикалаштырылган жүк склады ж-а жүк түшүрүүчү платформа ж. б. салынды. Темир жол транспортун жакшыртуу ж-а модернизациялоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Автомобиль транспорту респ-канын транспорт тармагында негизги орунду ээлейт. Бул тармактын уюшулушу 1924-жылга же болбосо респ-канын аймагында жерг. транспорт башкармасы уюшулган жылга таандык. Биринчи автомобиль болүмчөсү Токмокто, андан кийин Фрунзе, Ош, Жалал-Абад ш-ларында уюшулган. Рев-ярга чейин Кыргызстанда жалпы узундугу 806 *км* 3 почта жолу болгон: Пишпек — Каракол,



Фрунзе — Рыбачье автомобиль ж-а темир жол магистралы.

Нарын — Каракол — Үч-Каркыра, Ташкен — Пишпек — Верный. Совет бийлиги жылдарында жол куруу иштерине чоң маани берилип, 1931—34-ж. узундугу 728 *км* биринчи Ош — Хорог автомагистралы, ал эми 1933—39-ж. Фрунзе — Рыбачье — Торугарт (узундугу 539 *км*) жолу курулган. Бул жолдор респ-канын айрым алыскы райондорун борбор м-н байланыштырып, алардын экономикасы м-н маданиятын жогорулатууга өбөлгө түздү. 30—40-жылдарда Калинин — Суусамыр, Нарын — Ак-Талаа, Ош — Ноокат, Ош — Кара-Суу, Жамбыл — Талас — Будённый автомобиль жолдору ж. б. курулду. Алар алыскы өлдүү пункттарды райондордун, областтардын борборлору м-н байланыштырып, алардын экон. ж-а маданий өсүшүнө шарт түздү. Улуу Ата Мек. согушка чейин респ-канын негизги автомобиль жолдору курулуп, алардын жалпы узундугу 11,5 миц *км*ге жетип, 1,2 миц *км*не асфальт төшөлгөн.

1965-ж. бийик тоолуу Фрунзе — Ош жолунун (узундугу 600 *км*) ачылышы респ-канын жол курулушунда чоң окуяга айланды. Ал респ-канын түштүк ж-а түндүк райондорун байланыштырып, Кыргызстандын түштүгүнүн кен байлыктарына, Токтогул ГЭСине, жайытка кенен Суусамыр өрөөнүнө жол ачты, ө. эле бүткүл союздук мааниси бар Ысык-Көл курорт зонасына катнашты жакшыртты. 1967-ж. Рыбачье — Пржевальск — Рыбачье тегеренме жолу (Ысык-Көлдү айланта) бүттү. Фрунзе — Рыбачье — Нарын — Торугарт, Фрунзе — Ош, Рыбачье — Пржевальск — Рыбачье жолдору жалпы мамл. маанидеги жолдорго кирет. Автомобиль транспортунун жүк жүгүртүүсү тынымсыз жогорулоодо. Айыл чарбалык ж-а ө. ж-лык маанеге ээ болгон райондордо автомобиль жолдору кецейтилди, жацы жолдор курулду, эскилер реконструкцияланууда. Респкалык ж-а респ-калар аралык жүк тартууда автотранспорттун ролу улам артып жатат. 1981-ж. 1940-жылга салыштырганда автомобиль м-н жүк тартуу 83,8 ал эми жүк жүгүртүү 65,2 эсе жогорулады. Респ-канын автопаркы улам өркүндөп, атайын автомобилдердин түрлөрү (самосвалдар, дизелдүү, атайын кузовдуу, автоцистерналар ж. б.) көбөйүп, чакан ж-а оор жүк машиналарынын саны артты. Жүк ташууда жалпы колдонулуучу автомобиль транспортунун мааниси өтө чоң. 1981-ж. 1940-жылга салыштырганда аның жүк ташуу көлөмү жалпысынан 117,6 эсе жогорулаган. Эгер 1970-ж. 916,3 млн *т/км* жүк ташылса, 1981-ж. бул көрсөткүч 2055,0 млн *т/км*ге жеткен. Респ-канын жалпы автотранспортунун жүк жүгүртүүсүнө салыштырганда 1981-ж. жалпы пайдалануудагы автотранспорттун жүк жүгүртүүсү 40,3%ти түзгөн.

Автомобиль транспортунун өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү

Жылы	Жүк жүгүртүү, млн *т/км*	Ташылган жүк, млн *т*	1 *т* жүк ташуунун орточо аралыгы, *км*
1940	78,3	3,4	23,0
1960	1031,9	87,7	11,8
1965	1789,8	144,4	12,4
1970	2925,8	199,0	14,7
1975	4228,0	247,9	17,1
1980	4877,8	287,2	17,0

Респ-канын автомобиль чарбасы кецейтилген сайын жүк ташуунун натыйжалуу ыкмалары (борборлоштурулган жүк ташуу, ыцгайлуу маршруттар ж. б.) колдонула баштады. Автотранспорт ишканалары жацы жабдуулар м-н жабдылды. Респ-канын ири автомекемелери жүк тартуучу кубаттуу автотранспорт паркына ээ болуп, жүктү топтоштуруп ташуунун арбытты. Натыйжада 1981-ж. 1971-жылга салыштырганда борборлоштурулуп жүк ташуу көлөмү 1,9 эсе өсүп, ташылган жүктүн жалпы көлөмүнүн ичинен аның үлүшү 71,8%тен 76,6%ке чейин жогорулаган. Нефть продуктуларын, курулуш материалдарын, о. ж. ж-а азык-түлүк товарларын, почта ташуу толук борборлоштурулган. Жүргүнчү ташуу респ-када негизинен автомобиль транспортуна таандык, ал 1979-ж. шаар арасында, район ичинде жүргүнчү ташуу көлөмүнүн 83%ин ээлеген.

Респ-канын 34 шаар ж-а элдүү пункттарында (Фрунзе ш-нан башка) жүргүнчү ташуучу негизги транспорт автобус болуп саналат. Автобус маршруттарынын

Коомдук автобус транспортунун иши ж-а пайдаланылышы

	1940	1960	1965	1970	1975	1980
Жүргүнчү, млн адам . . .	2,9	141,4	257,6	353,9	433,8	480,9
Жүргүнчү ташуу, млн жүргүнчү/*км* . . .	44	836	1749	2728	3744	4372
Автобустагы 1 орунга орточо туура келиши, миц жүргүнчү	—»—	7,3	5,0	4,4	4,6	4,3
жүргүнчү/*км* . .	—»—	42,9	34,1	35,9	39,8	39,4

(шаардык, шаар чет-жакасы, шаар аралык) узундугу 36 миц *км*ге барабар. Респ-када таксомотор м-н калк ташуу кецири таралган. Эгерде 1960-ж. таксомотор транспорту 24,9 млн *км* жүрсө, 1981-ж. ал 138,8 млн *км*ге жеткен.

Суу транспорту респ-кадагы Ысык-Көлдө гана пайдаланылат. Мында суу транспорту жыл бою иш-

Суу транспорту м-н жүк ташуу

	1940	1950	1960	1970	1980
Жүк ташуу, млн *т/км*	14,2	20,3	26,3	63,8	82,8
Ташылган жүк, миц *т*	81	140	136	392	483
1 *т* жүк ташуунун орточо аралыгы, *км* . .	175	146	196	163	171

тейт, аны Ысык-Көл пароходчулугу тейлейт. Суу жолунун жалпы узундугу 576 *км*. Пароходчулуктун карамагында 6 пристань, бир ноче кеме токтоочу пункт, кеме ремонттоочу завод бар. Кеме токтоочу жээктин узундугу 1103 *м*, анын 780 *м* механикалаштырылган.

Суу транспортунда жүк ташуу 1981-ж. 1960-жылга салыштырганда 3,2 эсе, ал эми 1940-жылга салыштырганда 6,0 эсе жогорулаган. Биргелешкен суу ж-а темир жол транспорт тармагы уюшулгандан баштап, район ж-а респ-ка аралык байланыш кецейүүдө. Биргелешкен транспорт м-н ташылган жүктүн жалпы көлөмү 56%ке барабар.

Аба транспорту боордош респ-калар м-н, ө. эле респ-канын ички аймагын байланыштырат. Кыргызстан аба жолу м-н Москва, Ленинград, Свердловск, Новосибирск, Красноярск, Хабаровск, Баку, Минеральные Воды, Адлер, Киев, О. Азия ж-а Казакстандын шаарлары м-н байланышат. 1930-ж. респ-када биринчи Фрунзе — Ташкен — Ленинабад — Ферғана — Анжиян — Ош гражд. аба жолу ачылган. 1933-ж. Фрунзе — Рыбачье —

Нарын — Өзгөн — Ош аба жолу иштей баштаган. Аба жолу жүргүнчү жеткирүү м-н бирге тез жеткирүүчү жүктү, почтаны, дары-дармекти да ташыйт. Респ-канын борборунан Пржевальск, Жалал-Абад, Ош, Талас, Чолпон-Ата ш-ларына, райондордун борборлору — Токтогул, Казарман, Баткен, Караванга самолёт каттап турат. Респ-канын аба трассаларында ТУ-154, ТУ-134, ЯК-40, АН-24, ИЛ-62, АН-2 ж. б. самолёттор учат. Тоолуу респ-канын шартында автомобиль жолдорунун дагы эле жетишсиздигине байланыштуу аба транспортунун маанисн өтө чоң. 1981-ж. аба транспорту м-н 1553,5 миң жүргүнчү ташылып, ал 1945-жылга салыштырганда 161,8 эсе жогорулаган. Респ-канын эл чарбасында санитариялык, токойчулук, айыл чарбалык ж. б. атайын адистештирилген авнацияга чоң роль таандык. Айыл чарба авнациясы м-н иштелген жер аянты 1981-ж. 1950-жылга караганда 14,8 эсе көбөйгөн.

Түтүк транспорту — Кыргызстандын транспортунун жаңы түрү. Анын өнүгүшү нефть өндүрүшүнө тыгыз байланыштуу. Түтүк транспорту аркылуу респ-канын түштүгүндөгү нефть продуктусу Асакеге, андан нефть агызуучу магистраль түтүк аркылуу Ванновский-деги нефть ылгоочу заводго жеткирилет. Респ-канын аймагынан Мурабек — Ташкен — Фрунзе — Алма-Ата магистраль газ түтүгү өтөт, ал магистралдын Фрунзеге чейинки болүгүнүн курулушу 1970-ж. аяктаган. Бул курулуштун өзү респ-канын борборун арзан отун м-н камсыздоого өбөлгө түздү. Газ түтүгү Кок-Таш, Кочкор-Ата посёлкаларына жеткирилди, о. эле Майлы-Сай — Жалал-Абад — Кара-Суу — Ош магистраль газ түтүгү, Фергана — Кадамжай (1972) ж-а Урсатьевский — Хайдаркен (1973) газ түтүк айрыктары пайдаланууга тапшырылды. Бул газ түтүктөрү Кыргызстандын түштүгүндөгү о. ж. ишканаларын, о. эле эмгекчилерди арзан газ м-н камсыз кылат.

Респ-канын транспорт тармагы эл чарбасынын эң татаал комплекстеринен болуп саналат. Транспорттун ж-а жол чарбасынын өнүгүшү жүк ташуу көлөмүн ылдам темп м-н жогорулатууга көмөк берди. 1981-ж. 1940-жылга салыштырганда жүк ташуу көлөмү автомобиль транспортунда 84, суу транспортунда 6,1, темир жол транспортунда (жөнөтүү б-ча) 4,3 эсе жогорулады.

Транспорт түрлөрүнүн жүк ташуу темпи 1960-жылга карай (% м-н)

Жылы	Автомобиль	Темир жол	Суу жолу
1970	138	122	135
1975	172	147	159
1980	199	169	167

Шаардын электр транспорту. Респ-канын борборунда биринчи троллейбус жолу 1951-ж. ачылып, ал вокзал — эт комбинаты маршруту б-ча каттаган. 1981-ж. шаарда 14 маршрут ачылып, троллейбус жолунун узундугу 158,9 км-ге жетти. 1981-ж. троллейбус 77 млн 539 миң жүргүнчү ташыды.

Р. М. Учкемпирова, Т. Молдустанов

БАЙЛАНЫШ

Кыргызстанда байланыш тармагы Совет бийлиги жылдарында өнүгө баштады. 1926—40-жылдарда байланыш ишканалары 27 эсе көбөйдү. Почта жолунун узундугу 6750 *км*, телефон-телеграф линиясы 3353 *км*-ге жеткен. 1940-жылдын аягында респ-када жалпы кубаттуулугу 4230 номерлүү 47 шаардык ж-а селолук телефон станциясы иштеген. Бардык обл. шаарлар респ-канын борбору м-н байланышып, айылдык советтин 36,7%, совхоздордун 47,2%, колхоздордун 6,7% телефондоштурулган. 1978-жылдан айылдык совет, колхоз, совхоздор 100% телефондоштурулууга жетишилди. Фрунзеде репродукторлор 1927-ж. пайда болуп, ал эми 1930-ж. Фрунзе шаардык радио түйүнү иштей баштаган. 1940-жылдын аягында респ-када 22 радиостанция, 91 радиотүйүнү иштеп, аларга 23 миң радиоуктургуч туташтырылган. Байланыш эл чарба тармагы катары согуштан кийинки жылдары, айрыкча 60—70-жылдарда тез өнүктү.

Байланыштын 1913—80-жылдарда өсүшү

Көрсөткүч аты	1913	1940	1950	1960	1970	1980
Байланыш ишканаларынын жалпы саны .	16	352	381	523	887	998
а. и.:						
айыл жеринде .	—	305	311	383	634	713
Жөнөтүлгөн кат (млн)	1,4	11	13	22	56	73,0
посылка (миң)	40	260	338	502	1339	2215,0
телеграмма (млн) . . .	—	0,9	1,1	1,7	3,1	4,5
шаар аралык телефон сүйлөшүү (млн) . .	—	0,4	0,6	1,4	3,4	12,8
Радиоуктургучтун жалпы саны (миң) . .	—	23	46	202	306	536,6

Почта байланышы. 1960—70-жылдарда почта байланышын материалдык-техникалык жактан чыңдоо максатында бир топ иш жүргүзүлгөн. 1961-ж. респ-када СССР б-ча төртүнчү темир жол почтамты иштей баштаган. 60-жылдардын аягында респ-када алгач борб. «Правда», «Известия», «Сельская жизнь» газеталары матрицадан басылып, ал матрица темир жол почтамты аркылуу жеткириле баштаган. 1979-жылдан Фрунзеде «Газета-2» фототелеграф аппараты орнотулгандан баштап, борб. жети газета кабыл алынып, окурмандарга жеткирүү тездетилди. Почта байланыш ишканаларындагы, биринчи иретте корреспонденция ж-а басма соз продукциясы көп өтүүчү түйүндөрдөгү өндүрүш процесстери механикалаштырылууда. Байланыш мекемелери м-н бөлүмдөрүндө 2500дөн ашуун машина ж-а механизм иштейт, 1291 кат-кабар жеткирүүчү участкада автотранспорт колдонулат. Почта корреспонденциясы м-н басма сөздү тез жеткирүү үчүн автомобиль ж-а аба транспорту кеңири пайдаланылууда. Почта автомобиль жолдорунун узундугу болжол м-н 24 650 *км*. Авиапочта респ-канын бардык обл. борборлору м-н көптөгөн райондорун тейлейт, авиация м-н жеткирилген почта 3 миң тдан артты. Почта байланышынын иш көлөмү бир топ көбөйдү. Иргештирилген кат-корреспонденциянын жалпы саны 1979-ж. 312,5 млн нускага, посылкалардыкы — 14,3 млн даанага, газета-журналдардын бир тиражы 1980-жылдын 1-январына 3724,7 млн нускага жетти. Азыр 1000 кишиге 1150 нуска газета-журнал туура келет. Респ-када «Союзпечаттын» 444 китеп ж-а газета-журнал дүкөндөрү бар.




Малчыларга почта келди.

Телеграф байланышы. 1966—75-жылдарда респ-када телеграф тармагында түз байланыштыра турган автомат система ишке киргизилип, ал система




















Мал чарбасы. 1. Сырт жайытындагы топоздор. 2. Суусамыр жайытында. 3. Койду колдо багуу комплекси. Ленинполь р-ну, «Победа» к-зу. 4. Аламүдүн р-нундагы XXII партсъезд к-зунун сүт-товар фермасы. 5. Жаш мал комплекси. Сузак р-ну, «Москва» к-зу. 6. Жылкыны жайлоого чыгаруу. 7. Жылкы фермасында. Суусамыр өрөөнү. 8. Кыргыз тоогунун жомолору. Сокулук тажрыйба чарбасы.







Дыйканчылык. 1. Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы «Новый путь» к-зунда эгин чаап-жыйноо. 2. Ош обл-нын Базар-Коргон р-нундагы Фрунзе атн. к-здо пахта жыйноо. 3. Жүгөрү жыйноо. Сокулук р-нундагы «Жаңы Пахта» с-зу. 4. Москва р-нундагы «Красный Октябрь» к-зунда кант кызылчасын ташуу. 5. Ноокат р-нунун «Россия» к-зунда тамеки жалбырагын кургатуу. 6. Кара-Суу р-нунда пахтаны авиахимиялык жол менен иштетүү. 7. Аламүдүн р-нундагы «Ала-Тоо» с-зунда жүзүм жыйноо. 8. Жети-Өгүз районунун «Ысык-Көл» к-зунда чөп жыйноо.

өлкөнүн байланыш тармагына туташтырылып, телеграф ишинин 85%ин аткарат. Абоненттик телеграф системасы кеңири өсүп, бул системага респ-канын шаарлары м-н райондук борборлорунун 77,4% кошулган. Мунун өзү эсептоо борборлору үчүн информация алууга атайын каналдарды уюштурууга түздөн түз мүмкүндүк берет.

Телефон байланышы. 1971-ж. Фрунзеде шаар аралык жаңы автомат телефон станциясы пайдаланууга берилип, ал күнүнө 18 миңден ашуун сүйлөшүүнү ишке ашырган. Шаар м-н район борборлорунун 94,2% шаар аралык автоматтык телефон станциялары м-н жабдылган, сүйлөшүүлөрдүн 66% автоматтардын жардамы м-н жүргүзүлөт. 1970-жылда респ-када кубаттуулугу 40,6 миң номерлүү 51 АТС болсо, 1979-ж. АТС 68ге, кубаттуулугу 103,0 миң номерге жетти. Автоматташтыруу деңгээли 99,8% болду. 1960-ж. шаардык 100 кишиге 1,85 телефон аппараты туура келсе, 1980-ж. 9,6 аппарат туура келди. Айыл-кыштактагы байланыш тармагы да ургаал өнүгүп жатат. Автоматтык координаталык телефон станциялары кеңири колдонулууда. Байланыш линияларында айылдар м-н борборлорду байланыштыруучу аппараттар пайдаланылып, керектүү каналдар курулуп, сүйлөшүү сапаты жогорулатылды. Кабель ж-а аэм линияларынан тышкары айылдык телефон байланышынын радиорелелик линиясынын «Контейнер» ж-а «Электроника» типтери СССРде биринчи жолу Кыргызстанда сыналды. 1981-ж. респ-када 341 айылдык телефон станциясы иштеген. Ал станциялардын кубаттуулугу 32 530 номерге барабар. Алардын ичинен 305 айылдык автомат телефон станциясы 28 190 номерди тейлейт. Айылдык телефон тармагын автоматташтыруу деңгээли 99,7%ке жетти. Бардык айылдык совет, колхоз-совхоздор район борборлору м-н байланышып, шаардык телефон тармагына чыга алат. Колхоздордун 97%инин, совхоздордун 87%инин ички телефон түйүнү бар, алар оздорүнүн карамагындагы болукчолору м-н байланышып турат. Эң алыскы кыштактан райондук борбор аркылуу бардык шаар м-н байланышууга болот. Көп чарбалар радио-телефон байланышынан пайдаланат. Шаарларда ж-а көптөгөн райондук борборлордо 2500 телефон-автомат орнотулган. Респ-када көп программалуу ж-а түстүү телекөрсөтүү ишке ашкан. Респ-канын калкынын 96% кеминде 1 телекөрсөтүү программасын, ал эми бардык областтардын борбор шаарлары (Ош, Нарын, Пржевальск, Талас) — 3, Фрунзе ш-нын ж-а Чүй өрөөнүнүн калкы 5 телекөрсөтүү программасын көрө алат. 1967-жылдан Фрунзеде космостон кабыл алуучу «Орбита» станциясы иштей баштады.

В. Н. Торобаев

СООДА ЖАНА КООМДУК ТАМАКТАНУУ

Рев-яга чейин Кыргызстандын аймагында сооданын убактылуу ярмарка ж-а туруктуу базар түрлөрү болгон. 1912-ж. кредиттеме ж-а ссуда-аманат шериктештиктери уюшулуп, кооперация пайда боло баштады. Ал эми 1917-ж. биринчи камсыздоо-сатуу кооперациялары ачылып, аларды «Жети-Суу кооперациясынын Пишпек союзу» ж-а «Пржевальск кооперация союзу» башкарып турду. 1919-ж. апрелде Кыргызстандын бардык кооперативдеринин мүлкү Пишпек ж-а Каракол азык-түлүк комитеттерине өткөрүлүп берилген. 1921-ж. кооперация кайтадан уюшулган. 1924-ж. Кара-Кыргыз АО түзүлгөндө областтын бардык аймагында соода иши жонго салына баштады. 1925-ж. облаткомдун карамагында ички соода (Обл. ички соода) болумү уюшулган. Эң кеңири керектелүүчү товарлар м-н майда дүң ж-а чекене соода кылуучу Түрксоодасы жоюлгандан кийин (1925) Кыргызсоодасы уюшулду. Ал Пишпекте 2 мамл. дүкөн, Токмок м-н Караколдо дүкөн ачкан. Мындан тышкары Өзбексоодасы респ-канын түштүгүндөгү 5 дүкөндү Кыргызсоодасына өткөрүп берди. Кыргызсоодасынын бул дүкөндөрү майда дүң ж-а чекене сооданы кеңири жайылтты. 1925-ж. Обл. ички сооданын токтомунун негизинде Пишпекте «Кыргыздүкөн» акционер коому уюшулду, ал коом жеке менчик соодагерлер м-н күрөштү күчөттү. «Кыргыздүкөн», Кыргызмамлсырьё, Кыргызсоода, Кыргызмедсоода ж. б. соода уюмдары уюштурулган. Ошол эле жылдары Пишпек товар биржасы уюшулуп, ал негизинен дүң соода жүргүзүп турган. 1926-ж. чекене соода колому 1925-жылга салыштырганда 13,3 млн сомдон 32,8 миллион сомго же 2,5 эсе өскөн. 1926-ж. бирдиктүү соода борбору — Кыргызстан керек-жарак союзу уюшулуп, ага Пишпек ж-а Жалал-Абад райсоюздары кошулду. 1927-ж. Кыргыз АССРи уюшулганына байланыштуу Обл. ички соода Кыргыз АССРинин ички соода эл комиссариаты деп аталган. Респ-канын шаарларында жерг. (респ-калык ж-а шаардык) соода уюмдары уюшулуп, ал уюмдар Соода эл комиссариатына караган.

1932-жылдан сов. сооданын жаңы формасы — колхоз соодасы орчүй баштады. Биринчи колхоз базары 1932-ж. 5-июнда Фрунзеде ачылды. Ошондон баштап колхоз базар тармагы респ-канын бардык аймагында жайылтылды. 1934-ж. сооданын жаңы формасы — ЖЖБ (жумушчуларды жабдуу болүмдөрү) түзүлүп, ал жумушчу ж-а кызматчыларды тейлөөдө чоң маанdespite ээ болду. Сов. сооданын түрдүү формасынын өнүгүшү респ-калык соода тармагынын өсүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. Мамл. соода мекемелеринин тармагы 1927—33-жылдарда 2,5 эсе, кооперациялык соода тармагы 3,4 эсе көбөйдү. Кыргыз ССР ЭКСпинин 1938-ж. 3-июндагы токтомуна ылайык респ-када 2 өз алдынча: кыргыз респ-калык универсал соода ж-а Фрунзе ш-дык соода мекемелери уюшулду. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында соода мекемелери эмгекчилерди азык-түлүк товарлары м-н жабдуунун жаңы резервдерин табышты, алардын негизинде бир топ жетишкендиктерге ээ болушту. Эл керектөөчү товар өндүрүү көбөйгөндүгүнө байланыштуу товар жүгүртүү көлөмү артты. 1924—40-жылдарда мамл. ж-а кооперациялык сооданын чекене товар жүгүртүү колому 14 млн сомдон 208 млн сомго чейин өстү. 1950-ж. респ-канын соода министерствосунун соода тармагы 1946-жылга салыштырганда 21,2%, Кыргызстан керек-жарак союзунуку 37% жогорулады. 1950—60-жылдарда товар жүгүртүү көлөмү 3,2 эсеге жакын көбөйүп, товар жүгүртүү көлөмүн ар бир чекене соода кызматкерине эсептегенде 28,6 миң сомдон 35,9 миң сомго жетти. 1960—65-жылдардын ичинде товар жүгүртүү 50% жогорулады. 8-беш жылдыкта соода ж-а товар жүгүртүү ургаал өстү, б. а. 1970-ж. 1940-жылга салыштырганда 11 эсе көбөйдү, же киши башына эсептегенде 272 сомдон 466 сомго жетти. 9-беш жылдык план б-ча товар жүгүртүү колому 38,6%тен 44%ке чейин көбөйгөн. Калкка пландан ашык 52 млн. сомдук азык-түлүк ж-а товар сатылган. Керек-жарак кооперациясы аркылуу айыл-кыштакта товар жүгүртүү 53% жогорулады. Киши башына эсептегенде беш жылда товар жүгүртүү 28%, анын ичинен шаарларда ж-а шаар тибиндеги посёлкаларда — 22%, кыштактарда — 32% көбөйдү. Мамл. ж-а кооперация чекене соодасында товардын түрү арбып, азык-түлүк эмес товарлардын колому өстү. Ошого байланыштуу жалпы чекене товар жүгүртүү колому 698 628 миң сомдон (1970) 1 082 351 миң сомго (көомдук тамактануунуку кошо алганда, 1978), азык-түлүк товар жүгүртүү — 719 640 миң сомдон 1 111 044 миң сомго, азык-түлүк эмес товар жүгүртүү 661 820 миң сомдон 1 194 079 миң сомго чейин өстү.

Респ-када чекене соода колому 1981-ж. 2,8 млрд. сомго жетип, 1975-жылга салыштырганда 33% жогорулады. 10-беш жылдыкта 9-беш жылдыкка салыштырганда сатылган товардын жалпы колому 3 млн сомго жого-

рулап, 11,6 млрд сомду түздү. 10-беш жылдыкта соода аянты 97 миң $м^2$ болгон магазиндер, 8 миң орундуу коомдук тамактануу жайлары пайдалануу га берилди.

Коомдук тамактануунуу өнүктүрүү — эл чарбасынын эң негизги маселелеринен. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан баштап респ-када коомдук тамактануу тармагы уюшула баштады. Ө. ж. ишканаларында, ресторан ж-а ашканаларда комплекс аш сатуу, дем алыш ж-а майрам күндөрү тамак-аш көргөзмөлөрүн уюштуруу, цехтерде ар түрдүү товар сатуу, кондитер, ундан жасалган тамак-ашы арбын чайкана, ашканаларды кобөйтүү сыяктуу сооданын прогрессивдүү түрлөрү кеңири тарады. Коомдук тамактануу тармагы респ-канын окуу жайларында кеңири кулач жайып, абонемент б-ча тамактануу ж-а чай сатылуучу атайын столдор уюшулган. Мектептерде окуучуларга ысык тамак берилет. Тамак-аштын сапатын жакшыртуу, түрүн көбөйтүү ж-а соода ишин уюштуруу маселелерин чечүү максатында эмгекчилердин оюн билүү үчүн суроо-жооп түрүндө пикир алмашуу уюштурулуп турат. *А. Сагыналиев*

КАЛКТЫ ТУРМУШ ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ

Калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө — респ-канын эл чарбасынын эң жаш тармактарынан. Ал КПСС-тин 25-съездинен кийин айрыкча ургаалдуу өнүгө баштады. 8-беш жылдыктын алгачкы жылдарында (1966) Кыргызстанда 1900гө жакын майда мастерской ж-а ателье (973ү айыл-кыштакта) иштеп, алардын 130у гана тийиштүү жабдуу м-н жабдылган. Беш жылдыкта турмуш тиричилик кызматынын материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө 10 млн сом сарпталып, турмуш тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар 730га көбөйдү. Бул жылдарда калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө көлөмү респ-када 2,4, айыл-кыштакта 3,1 эсе жогорулады. Ишканаларда 3 миңден ашуун технология жабдуусу орнотулду. 1970—75-жылдары турмуш тиричилик кызматынын материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө 15,1 млн сом каражат бөлүнүп, ал каражатка 12 типтүү турмуш тиричилик комбинаты, химиялык тазалоочу ж-а кир жуучу 4 комплекстүү ишкана, жылына 1,2 млн сомдук ит аткаруучу Фрунзедеги турмуш тиричилик үйү, «Новинка» тибиндеги 247 павильон ж-а техника ремонттоочу мастерской курулуп, пайдалануу га тапшырылды. Республикада бардыгы болуп 30дан ашуун мекеме, 350 айылдык турмуш тиричилик жактан тейлөө үйү уюшулуп, алар 7 млн сомдук 12,7 миң технология ж-а энергетика жабдуулары м-н камсыз кылынды.

Башкаруу формаларын жакшыртуу, өндүрүштү топтоо ж-а адистештирүү б-ча бир топ чаралар ишке ашырылды. Анын негизинде Фрунзе шаарынын ателелерин бириктирген «Киргизия» фирмасы уюшулуп, ал кийим тигүү ж-а ремонттоочу иштерин аткарат, бут кийим тигүүчү ж-а ремонттоочу «Обувщик» фабрикасы, мебель жасоочу ж-а ремонттоочу «Бытмебель» комбинаты, химиялык заттар м-н кийим тазалоочу ж-а боёчу фабрика, токуучу ж-а тигүүчү фабрика, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаты ж. б. адистештирилген ишканалар ишке киргизилип, ал эми шаардын бардык чач тарачы, калкты тейлөө бюросу ж-а прокат пункттары тейлөө комбинатынын карамагына оттү. Андан сыртқары ири өндүрүш бирикмелери уюшулду. «Рембытмаш» жалаң гана Фрунзе ш-ның эмгекчилеринин татаал үй тиричилик техникасын ремонттобостон, Чүй өрөөнүндөгү райондорду, Талас ж-а Нарын обл-тарын (анын карамагында 116 мастерской бар) тейлейт; радиотелеаппаратура ремонттоо башкармасы 10 адистештирилген радиоательени, 113 мастерскойду камтыйт, алар жалпы респ-канын телекөрсөткүч, радиокабылдагыч, магнитофондорун ремонттойт; заказ б-ча эмгекчилердин турак жайларын куруучу ж-а ремонттоочу 14 ремонт башкармасын ж-а көчмө механикалаштырылган колонналарын бириктирген «Кыргызремстройбыттын» 2 трести, «Салют» сүрөт бирикмеси, Ош, Жалал-Абад ж-а Ысык-Көлдө тиричилик техникасын ремонттоочу («Рембыттехника») з-ддор иштейт. Бул ишканалар тейлөө ишинин көбүн турмуш тиричилик үйлөрү ж-а комплекстүү кабыл алуу пункттары аркылуу аткарат.

10-беш жылдыкта жалпы тейлөө көлөмү өзгөрдү: турмуш тиричилик техникасын, приборлорун, радиотелеаппараттарын ремонттоо, химиялык тазалоо, бут кийимди тез ремонттоо, эмгекчилердин заказдары б-ча турак жай куруу ж-а ремонттоо, кийим тигүү ж-а токуу, заказды үйдө аткаруу, ишкана-мекемелерден заказды телефон аркылуу алуу ж. б. түрлөрү кеңири жайылтылды. 1976—79-ж. респ-када турмуш тиричилик кызматынын жаңы 80 түрү киргизилди. Айыл эмгекчилерин 1800дөн ашуун турмуш тиричилик ишканалары тейлеп, тиричилик кызматынын 190дой түрү аткарылат. Бардык колхоз-совхоздордун борборлорунда турмуш тиричилик жактан тейлөөчү туруктуу ишканалар түзүлгөн. Айыл-кыштак эмгекчилерин көчмө автомастерскойлор тейлейт. Алар бригадаларга болуңуп, белгиленген маршрут б-ча эмгекчилерге барып турат. Мындай бригадалардын саны 160ка (1980) жеткен. Ага өтүкчү, бычмачы, чач тарач, сүротчү, техника ремонттоочулар ж. б. кирип, алар алыскы айыл-кыштактарга, жайлоо-кыштоолорго, мал чарба фермаларына ж-а талаа стандарына дайым барып, заказ алат. 1976-жылдан респ-канын турмуш тиричилик жактан тейлөө ишканаларында жыл сайын «Сапат күнү» өткөрүлөт, анда кемчиликтер көрсөтүлүп, алар министерствонун талкуусуна коюлат да, жоюу чаралары иштелип чыгат. Кийим-кече, бут кийим, токулма кийим ж-а баш кийимдин жаңы түрлөрүн чыгаруу б-ча атайын семинарлар өткөрүлөт. Ишканалардын көчүлүгүндө кийим-кече тигүүнүн калыптанган технологиясы ишке киргизилип, жыл сайын кийимдин 100дөн ашуун жаңы үлгүсү чыгарылат. Райондук, шаардык, респ-калык конкурстарда калктын жеке заказы б-ча тигилген кийимдердин, бут кийимдердин, токулма кийимдердин мыкты үлгүлөрүн көрсөтүү, өндүрүш техникасын өркүндөтүү, кадрлардын чеберчилигин жогорулатуу, аларды тандоо, жайгаштыруу, окутуу жана тарбиялоо ишин жөнгө салуу кийимдин сапатын жакшыртууга жардам берди. Респ-када сапатты комплекстүү башкаруу системасы киргизилип жатат.

1981-ж. респ-када 16 комплекстүү кабыл алуу пункту, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөчү 3 комбинат, химиялык заттар м-н кийим тазалоочу ж-а кир жуучу комплекстүү 1 ишкана, 2 фотокомбинат, курулуш-ремонттоо башкармасынын 3 базасы ж. б. турмуш тиричилик объектилери курулду. Мындан ары да тейлөө кызматынын түрлөрү б-ча адистештирүү, топтоштуруу иши жүргүзүлүп, анын негизинде өндүрүшкө ыңгайлуу шарт түзүлүп, экономикалык натыйжалуулугу жогорулямакчы. Айыл-кыштактарда кызмат түрлөрүнүн көлөмүн мүмкүн болушунча көбөйтүү ж-а заказ берүүчүлөргө жакындатуу — эң орчундуу маселелерден. Айылдык турмуш тиричилик комбинаттарында комплекстүү кабыл алуу пункттардын тармагын кеңейтүү, заказдарды кабыл алуу ж-а жеткирүү процессин рационалдуу болуштүрүү ишканалардын өндүрүштүк кубаттуулугун толугураак ж-а натыйжалуураак пайдалануу га мүмкүндүк бермекчи. Он биринчи беш жылдыкта калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөгө айрыкча көңүл бурулуп, элге кызмат көрсөтүү бир кыйла өстү, ал 1981-жылга 6 эсе жогорулады. Киши башына эсептегенде анын деңгээли 19 сом 24 тыйынга, а. и. айылкыштакта 12 сом 56 тыйынга жетти. Бул 1980-жылдагыдан бир топ көп.

Х. Дабабаев

ФИНАНСЫ ЖАНА КРЕДИТ

Совет мамлекетинин жалпы финансы-кредит системасын соц. ишканалар (бирикмелер) м-н чарба тармактарынын финансысы, мамл. бюджет, мамл. социалдык камсыздандыруу, жеке камсыздандыруу, мамл. кредит түзөт. Кыргыз ССРинин мамл. бюджети — СССРдин мамл. бюджетинин ажырагыс бөлүгү. Лениндик улут саясатын жүргүзүүдө ага чоң роль таандык, анткени бул саясаттын негизинде респ-ка адегенде экономика м-н маданияттан артта калуудан жокон, азыр экон. ж-а социалдык жактан ар тараптуу өнүгүп жатат. Кыргызстандын экономикасы м-н финансысын өркүндөтүүнүн

Кыргыз ССРинин 1956—80-жылдардагы мамл. бюджетинин кирешеси м-н чыгымынын көлөмү ж-а составы
(1961-жылдагы баа, млн сом)

	1956—60	1961—65	1966—70	1971—75	1976—80
Жалпы кирешеси	1502,6	2506,8	3680,7	5502,2	7732,2
а. и.:					
жүгүртүү салыгы	748,0	1349,4	1974,8	2758,1	3836,1
мамл. мекемелер м-н чарбалык уюмдардын пайда төлөмү	179,1	379,2	644,9	935,5	1171,9
мамл. социалдык камсыздандыруу каражаты	70,7	152,1	258,8	420,2	675,4
калк төккөн мамл. салык	78,2	167,9	203,0	376,6	689,9
жергиликтүү салык ж-а жыйым	32,7	30,0	37,0	42,1	50,0
мамл. заёмдор	31,4	6,6	7,3	9,5	15,0
акча-буюм лотереяларынан түшкөн каражат	3,2		8,2	9,0	9,4
Жалпы чыгым	1464,1	2437,6	3611,6	5320,5	7446,3
а. и.:					
эл чарбасы	743,5	1196,6	1614,4	2555,9	3626,6
опор жай ж-а курулуш	291,4	440,6	412,2	495,1	708,7
айыл чарба ж-а дайрдоо	219,7	344,4	451,3	692,3	823,8
социалдык-маданий чара-жаратылыштар	580,6	1050,4	1727,4	2520,3	3366,0
а. и.:					
агартуу	344,9	571,1	941,0	1377,6	1797,2
саламаттык сактоо, физкультура ж-а спорт	145,9	250,2	407,9	546,9	711,4
социалдык камсыздандыруу м-н	80,7	169,0	292,0	298,3	770,6
социалдык камсыздоо	57,5	52,8	70,5	87,4	106,8
башкаруу	38,5	69,2	69,1	181,7	285,8
чыгымдан кирешенин ашыгы					

ж-а чындоонун натыйжасында соц. чарбанын бюджеттеги кирешеси бир кыйла өстү. Эгер 1925-ж. соц. чарбадан түшкөн кирете бюджеттин бардык кирешесинин 22,2%ин түзсө, 1937-ж. 91,4%ин түздү. Коомдук өндүрүштүн ылдам өнүгүшү, соц. топтом м-н улуттук кирешенин өсүшү, эл чарба тармагындагы өзгөрүүлөр, респ-канын экономикасында илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин пайдалануу Кыргыз ССРинин бюджетинин көбөйүшүнө өбөлгө түздү. Респ-канын кирешеси 1946-ж. 75 млн сом болсо, 1979-ж. 16 807 млн сомго жетти. Ишкана ж-а чарбалык уюмдардын киресесинен алынган төлөм мамл. бюджеттин кирешесинде чоң маанеге ээ. Мамл. бюджеттин чыгымы да тез өстү. 1946-жылдан 1979-жылга чейин респ-канын эл чарбасына бөлүнгөн каражат 37 эсе көбөйүп, 1979-ж. 808,2 млн сом, анын ичинен ө. ж. м-н курулушту финансылоого 182,1 млн, а. ч-сына 194 млн сом жумшалды. Билим алууга, маданиятка, илим, иск-во, саламаттык сактоо, спорт, социалдык камсыздоого бөлүнгөн каражат 19 эсе көбөйүп, 1981-ж. 782,8 млн сомго жетти. Бул — респ-канын мамл. бюджетинин жалпы чыгымынын тегиче жакыны.

СССРдин мамл. бюджетинин жалпы кирешеси м-н чыгымына мамл. социалдык камсыздандыруу бюджети да кирет. Кыргыз ССРинин бюджетине бардык жалпы союздук кирешеден тышкары пенсия төлөө үчүн мамл. социалдык камсыздандыруу каражатынын айрым бөлүгү да кошулат. 1960-ж. респ-канын бюджетине пенсия төлөө үчүн 20,9 млн сом каражат түшсө, 1979-ж. бул каражат 146 млн сомду түздү. Колхозчулардын пенсиясы социалдык камсыздоо б-ча борборлоштурулган союздук фондудан төлөнөт. Бул каражат колхоздор менен мамлекеттин камсыздоо акысынын эсебинен акчалай топтолот. Мамл. мүлктү ж-а өздүк камсыздандыруу респ-канын мамл. камсыздандыруу органдары тарабынан жүргүзүлөт. 1979-ж. 1-январда колхоздордун, кооперациялык ж-а коомдук уюмдардын мүлкүн камсыздандыруу суммасы 2,2 млрд сомду түзүп, ал 1960-жылга салыштырганда 5,4 эсе жогорулады. Эмгекчилердин мүлкүн ж-а өзүн камсыздандыруу суммасы 1960-жылдын башында 171,3 млн сомду түзсө, 1979-ж. 1-январда бул сумма 1395,9 млн сомго жетти. 1979-ж. 1-январдан совхоздордун ж-а а. ч. министерствосунун системасындагы бардык а. ч. мекемелеринин мүлкүн сөзсүз камсыздандыруу ж-дө эреже киргизилди. Респ-канын мамл. камсыздандыруу органдарынын жоопкерчилигиндеги совхоздордун мүлкү 1,7 млрд сомду түзөт.

СССРдин кредит системасы Мамл. банкты, мамл. эмгек сактык кассаларын, Бүткүл союздук капитал салымын финансылоо банкын (Курулуш банкы), Тышкы соода банкын камтыйт. Кыргызстанда 1979-ж. 1-январда СССР мамл. банкына башийген 4 контора, 4 шаардык башкарма ж-а 48 бөлүм иштеген. Мамл. банктын мекемелери аткарган операция көлөмү осүүдө. Ай сайын респ-канын банкына 1,7 млн сомдук акчалай эсептешүү документтери түшүп турат. Ишкана, мекемелер ж-а уюмдардын банк операциялары аркылуу жүргүзгөн накта эмес эсептешүүсү 1960-жылы 4,7 млрд сом болсо, ал эми 1979-жылдагы өлчөмү 8,6 млрд сомго жеткен.

Эмгекчилердин сактык кассадагы акчалай аманаты жылдан жылга көбөйүүдө. 1960-жылдан сактык кассага аманат салган эмгекчилердин саны 3,2 эсе көбөйүп, ал эми акчанын жалпы суммасы 15,7 эсе жогорулады. 1981-жылдын алгында 1032,2 миң аманат китепчесинде 934,0 млн сом сакталууда.

Курулуш банкынын Кыргызстанда 4 конторасы, 6 бөлүмү ж-а 13 пункту иштейт. Ай сайын респ-канын Курулуш банкынын мекемелеринен 32 миңге жакын акчалай эсептешүү документтери өтөт, курулуш банкынын конторалары ж-а бөлүмдөрү аркылуу накта эмес эсептешүү көлөмү 1978-ж. 996 млн сомду түздү. 1961-ж. Курулуш банкынын кыска мөөнөттүү кредити 8,3 млн сомду түзсө, 1979-ж. 1-январда 73,2 млн сомго, ал эми өтө узак мөөнөттүү кредит көлөмү 5,8 млн сомдон 76,4 млн сомго жетти.

А. Токтоналиев

ЭМГЕК ЖАНА ЭМГЕК РЕСУРСТАРЫ

Кыргызстанда рев-ярга чейин эмгек ресурстары жай өсүп, толук эмес ж-а өтө натыйжасыз пайдаланылган. Бул негизинен социалдык-экон. түзүлүштүн аябай арта калышына, башка артта калган ж-а коз каранды мамлекеттердей эле крайда муундун тез алмашылышына (балдардын көп туулуп, көп өлүшү), калктын ж-а

эмгек ресурстарынын табигый өсүү деңгээлинин төмөндүгүнө байланыштуу болгон. Кыргызстанга калк аз көчүп келчү. Калктын жалпы өсүшү рев-яга чейинки 20 жыл ичинде жылына орто эсеп м-н 1,6% гана болсо, Совет бийлиги жылдарында бул көрсөткүч 4,5%ти түзду. Эмгек ресурстарынын жылдык орточо өсүшү андан да жай болгондугуна карабай, өндүрүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли төмөндүгүнөн, колдогу ресурстар да толук ж-а рационалдуу пайдаланылбаган. Рев-яга чейин феодалдык-патриархалдык мамиле, эмгекчилердин көз карандылыгы, ырайымсыз эзилиши эмгек ресурстарын толук пайдалануугa тоскоолдук кылган. Рев-яга чейинки Кыргызстандын эл чарбасында эмгек ресурстарынын теңи да пайдаланылган эмес, ал эми эмгекке жарактуу аял күчү негизинен өндүрүштөн четте калган. Эл чарбачылыгына тартылган эмгек ресурстары өндүрүштүн натыйжалуулугун камсыз кылган эмес, экономикада а. ч-ның эски ыкмалары, оң жеңокой эмгек шаймандары колдонулган. Отондуктан мында эмгек өндүрүмдүүлүгү Россиянын борбордук райондоруна салыштырганда 3—4 эсе төмөн болгон.

Совет бийлиги мезгилинде түп-тамырынан бери социалдык-экон. өзгөрүү калктын калыптанышына ж-а эмгек ресурстарын болуштүрүүгө жаңы шарт түздү. 1982-жылдын башында респ-канын калкынын жалпы саны 3 724 миңге жетип, 1913-жылга салыштырганда 4 эсе көбөйдү. Калктын саны ж-а эмгек ресурстары негизинен табигый өсүштөн ж-а Кыргызстанга боордош респ-калардан көчүп келген калктын эсебинен жогорулады. Эмгек ресурстарынын ылдам өсүшү эл чарбасын жумушчу күчү м-н камсыз кылууну жакшыртты ж-а респ-канын экономикасы м-н маданиятынын жогорку темпте өнүгүшүнө шарт түздү. Демографиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу Кыргызстандын эмгек ресурстары СССРдин башка респ-каларына салыштырганда бир кыйла көбөйүүдө. Эгер 1959—70-ж. өлкөнүн эмгек ресурстарынын өсүү деңгээли 9% жогоруласа, Кыргызстандыкы 29%, ал эми 1970—81-ж. 39% өскөн. Респ-канын эмгек ресурстары эркектер м-н аялдардын саны тең болушу ж-а жаштардын үлүшүнүн улам жогорулашы м-н мүнөздөлөт. Эгер 1982-ж. СССРде эмгекке жарактуу 1000 эмгекчиге орто эсеп м-н 509 эркек туура келсе, Кыргызстанда бул көрсөткүч 494тү түзгөн. Эмгек ресурстарындагы 16—24төгү жаштардын саны СССРде 28%ти түзсө, Кыргызстанда 36%ти түзөт, бул баланын арбыныраак төрөлүшү м-н түшүндүрүлөт. Калктын саны ж-а эмгек ресурстары ургаал өскөндүгүнө карабастан, респ-када ашык калк жок. Соц. экономиканын ж-а маданияттын дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу эл чарбасында жумушчулардын саны тез өстү да, эмгекке жарактуулардын баары жумуш м-н камсыз кылынды. 1924—81-ж-дын ичинде эл чарбасында эмгектенип жаткан жумушчу ж-а кызматчылардын саны 21 миңден 1130,7 миңге чейин (же 54 эсе) өстү, ал эми айрым колхоздордун совхозго айландырылышына байланыштуу акыркы жылдарда колхозчулардын саны кыскарды. Мурда үй тиричилигинде ж-а өз көмөк чарбасында иштеген аялдар коомдук өндүрүшкө тартылгандыгына байланыштуу эл чарбасында иштеген аялдардын саны жалпы калк м-н эмгек ресурстарынын санына караганда ылдамыраак өсүүдө. Жумушчу ж-а кызматчылардын арасында аялдардын саны 1928-ж. 11%ти түзсө, 1981-ж. 49%ти түздү, бул эмгекке жарактуу калктын өндүрүштө иштөө деңгээлинин кескин жогорулашын камсыз кылды. 1979-жылда өткөрүлгөн эл каттоонун маалыматына караганда эмгекке жарактуу калктын 82,1% коомдук чарбада иштеп, 14,4% окуйт, 7% үй кызматында ж-а өз көмөк чарбасында эмгектенет. Респ-када жалпы союзга салыштырганда эмгекке жарактуу калктын окугандары ж-а өз чарбасында иштегендери көбүрөөк келип, коомдук чарбага катышкандар азыраак. Мунун өзү респ-када али пайдаланыла элек эмгек ресурстары бар экендигин көрсөтөт.

Социализмди курууда эл чарба тармактары м-н чөйрөлөрүндө эмгек ресурстарын болуштүрүүдө бир топ өзгөрүү болду. Эгер рев-яга чейин эмгекчилер негизинен а. ч-сында иштесе, азыр эмгекчи элдин басымдуу көпчүлүгү индустрия тармактарында ж-а өндүрүш эмес чөйрөдө эмгектенет. А. ч-сында эмгектенген калктын саны 1939-ж. 64%ти түзсө, 1959-ж. 47%, ал эми 1981-ж. 32%ке чейин төмөндөгөн. Индустрия тармактарында ж-а өндүрүш эмес чөйрөдө тескерисинче, 1939-ж. 23%, 1959-ж. 39,5%, ал эми 1979-ж. 53%ти түзгөн. А. ч-сы м-н өндүрүш эмес чөйрөдө иштеген калктын саны өлкөдөгү орточо көрсөткүчтөн жогору, а. ч-сында иштеген калктын көптүгү респ-канын аймагында бул тармакты, айрыкча мал чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу табигый-экон. шарт бар экендиги м-н түшүндүрүлөт да, бул эмгек ресурстарын болуштүрүүдөгү өзгөчөлүк болуп саналат. Жалпы Союздук орточо көрсөткүчкө салыштырганда Кыргызстанда өндүрүш эмес чөйрөгө, айрыкча билим берүү ж-а саламаттык сактоого тартылган эмгекчилердин басымдуулук кылышы негизинен респ-канын демографиялык өзгөчөлүктөрүнө, айрыкча калктын арасында балдар м-н жаштардын көптүгүнө байланыштуу. Башка индустрия тармактарындагы (о. ж. ж-а курулуш) жумушчулардын саны жалпы Союздук орточо көрсөткүчтөн төмөн турат, б. а. жалпы Союзда 38% болсо, респ-када 27,5%. А. ч-сын механикалаштыруунун эсебинен анда эмгектенген калктын бир бөлүгү индустрияга тартылып, бул өндүрүштө эмгектенген жумушчулардын саны жогорулай берет.

Респ-канын аймагында калк бирдей жайгашпагандыктан эмгек ресурстары да түрдүүчө жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 2000 *м* бийикке чейинки тоо аралык түзөң, ойдундар ж-а суу жээктериндеги ороондор респ-канын жалпы аянтынын 28%ин түзгөндүгүнө карабастан, аларда элдин ж-а эмгек ресурстарынын 94%, ал эми аянттын калган 72%инде болгону 6% туура келет. Бул респ-канын айрым райондорунда калктын өтө жыш жайгашканын көрсөтөт. Эмгек ресурстарынын ушундай бөлүштүрүлүшү аларды натыйжалуу ж-а толук пайдалануугa чоң кыйынчылык туудурат. Өлкөнүн башка райондорунан айырмаланып, айыл-кыштактардагы калктын жыштыгы ж-а эмгек ресурстары жылдан-жылга жогорулоодо. Респ-канын айыл-кыштактарында эмгек ресурстарынын деңгээли өтө жогору: 200 эмгекке жарактуу адамы бар айыл-кыштактарга алардын жалпы санынын 4% (СССР боюнча 15%), ал эми 5 миңден ашуун калк жашаган айыл-кыштактарга айыл калкынын 22% (СССРде 6%) туура келет. Айыл-кыштактарда эмгек ресурстарынын топтолушу жалаң өндүрүш маселелерин эмес, калкты турмуш тиричилик, маданий жактан тейлөө маселелерин чечүүдө ыңгайлуу шарт түзүүдө. Калктын ж-а эмгек ресурстарынын топтолушу шаар калкынын тез өсүшүнө алып келди. Эгер 1924-ж. респ-када эл жайгашкан 3 ири пункт болсо, 1940-ж. алардын саны 20га, 1960-ж. 44кө, 1982-ж. 49га жетти.

Башка респ-калардан келген эмгекке жарактуу калктын саны улам кыскарып бараткандыгына байланыштуу эмгек ресурстарын мүмкүн болушунча натыйжалуу пайдалануу зарылдыгы пайда болду. Бул маселени чечүүдө техникалык ж-а энергетикалык жабдуунун деңгээлин жогорулатуу чоң роль ойнойт. Эл чарбасынын бардык тармактарын электрлештирүү, комплекстүү механикалаштыруу ж-а химиялаштыруу, кибернетиканы кеңири колдонуу м-н бирге кадрлардын жалпы билим ж-а кесипчилик-техникалык даярдык деңгээли жогорулап, өндүрүштү ж-а эмгекти уюштуруу өркүндөп, эмгек өндүрүмдүүлүгү ж-а эмгек ресурстарын пайдалануу натыйжалуулугу өсүп жатат.

Материалдык өндүрүштүн башкы тармагы о. ж-да эмгек өндүрүмдүүлүгү 57 жыл ичинде (1924—1981) 11,7 эсе, бул көрсөткүч курулушта, транспортто, а. ч-сында да тез өстү. Ө. ж-да гана жыл сайын өндүрүштү ургаалдаштыруу, механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу б-ча 5 миңден ашык чара ишке ашырылат. Эмгектин энергия м-н жабдылышы жылдан жылга жогорулоодо, 1960—81-жылдарда бул тармактын энергия м-н жабдылышы 3, колхоздордо 15 эседен ашуун көбөйдү. Жалпы билим берүү, кесипчилик-техникалык кадрларды даярдоо деңгээлинин көтөрүлүшү да эмгек ресурстарынын өсүшүнө жакшы оболгө түздү. Эл чарбасында иштегендердин $^3/_4$ жогорку ж-а орто билимдүү, кесипчилик-техникалык окуу жайлары 1981-жылга карата 428,6 миң квалификациялуу жумушчу даярдан чыгарган.

Эл чарбасын дипломдуу адистер м-н камсыз кылуу деңгээли жогорулады. 1981-ж. алар 282 миңге жетти, анын ичинен 132 миңи жогорку билимдүү. Респ-када аял ж-а жерг. улуттук кадрлардын көп болушу кадр даярдоодогу эң чоң жетишкендиктерден болуп саналат. Жогорку билимдүү адистердин 54,8%, атайын орто билимдүүлөрдүн 60,6% аял, 1980-ж. эл чарбасынын ар кайсы тармактарында 101 миң кыргыз адис иштеп, анын 55 миңи аял болгон. 1965—81-ж. эмгек өндүрүмдүүлүгү о. ж-да 2 эсе, колхоз-совхоздордо 29% жогорулаган. Мунун өзү Кыргызстанда, жалпы өлкөдөгүдөй эле, эмгек ресурстары коомдук чарбада ыраattуу болуштүрүлүп, натыйжалуу пайдаланылып жаткандыгын айгинелеп турат.

Е. П. Чернова

ЭЛДИН МАТЕРИАЛДЫК ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫ

Совет мамлекетинде ишке ашырылып жаткан социалдык программа, коомдук өндүрүштүн ургаал өнүгүшү, жалпы чарб. иштин сапатынын ж-а анын натыйжалуулугунун жогорулашы элдин жыргалчылыгынын өсүшүн камсыз кылат.

Улуттук киреше. Кыргызстандын улуттук кирешеси СССРдин улуттук кирешесинин ажырагыс бөлүгү ж-а элдин жыргалчылыгынын булагы болуп саналат. Улуттук киреше 1980-ж. 1960-жылга салыштырганда 3,4 эсе (1970-жылга салыштырганда 1,5 эсе), ал эми киши башына эсептегенде 2 эсе көбөйдү. 10-беш жылдыкта 9-беш жылдыкка салыштырганда 3 млрд сомго жогорулады. 1980-ж. улуттук киреше 255 млн сомго көбөйүп, 3,7 млрд сомду түздү. Респ-канын улуттук кирешеси ар бир 8—10 жылда 1,5 эсе көбөйүп турат. 1976—80-ж. өндүрүш тармактарынын ж-а тейлөө чөйрөсүнүн өсүшү 1975-жылга салыштырганда 1980-ж. Кыргызстандын коомдук дүң продуктусун 22,8%, улуттук кирешесин 22,8% жогорулатууга алып келди, бул респ-канын мындан ары да комплекстүү өсүшүнө, калктын жыргалчылыгынын жогорулашына мүмкүнчүлүк берди. Коммунисттик партиянын экон. стратегиясы калктын өсүп жаткан керектөөсүн толук канааттандыруу максатын көздөп, илимий-техникалык прогресстин, өндүрүштү ургаал өнүктүрүүнүн негизинде СССРдин ж-а союздаш респ-калардын улуттук кирешесин көбөйтүү булагын кеңири пайдаланууга: дүң продуктуну арбытууга, фондунун акталышын арттырууга, продукция бирдигине материалды аз жумшоого, коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүн, иштин натыйжалуулугун ж-а сапатын жогорулатууга багытталат.

Калктын чыныгы кирешеси. Бул эмгекчилердин ортосунда улуттук кирешени бөлүштүрүү ыкмасы ж-а калктын турмуш деңгээлинин жыйынтыктама көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Кыргызстандын калкынын чыныгы кирешеси респ-канын өз аймагындагы экон. мүмкүнчүлүктөрүнүн эсебинен гана эмес, жалпы союздук экон. мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен да камсыз болот, анткени респ-канын эл чарбасы — СССР эл чарба комплексинин ажырагыс бөлүгү. Калктын чыныгы кирешеси Совет бийлигинин жылдарында кыйлаюусуз жогорулоодо. 1970—80-жылдарда гана 40,7% өстү. Бул жылдарда салык бир кыйла кыскарды. 70-жылдарда колхозчулардан жыйналган салык ж-а толом алардын кирешесинин 3%ин гана түздү. Кыргызстанда өлкөбүздүн бардык жеринде эле, коомдун бардык катмарларынын чыныгы кирешеси пландуу түрдө жогорулоодо. Жылдан жылга калктын түрдүү тобунун чыныгы кирешесинин айырмасы төмөндөдө. Жумушчулар ж-а колхозчулардын жашоо деңгээлин жакындатуу максатында иш жүргүзүлүп, анын натыйжасында колхозчулардын чыныгы кирешеси жумушчулардын кирешесине салыштырганда тез жогорулоодо. Совхоздун жумушчулары эмгегинде канча алышса, колхозчулар ошончолук эмгек алууга жетишти. 1960—81-жылдарда колхозчулардын эмгек акысы 2,7 эсе жогорулады. Жумуш жумасынын ж-а жумуш күнүнүн кыскаргандыгына карабастан, калктын эмгек акысы жыл сайын өсүп жатат. Ө. ж. өндүрүшүндөгү жумушчулардын орточо жумуш жумасы 1913-ж. 58,5 саатты түзсө, ал 1955-ж. 47,8, ал эми 1981-ж. 40,7 саатты түздү. Революциядан чейин Кыргызстанда дыйкандардын эмгек убактысын жөнгө салган закон болгон эмес, 70-жылдарда колхозчулар коомдук чарбада жылына орточо эсептегенде 7 сааттан эмгектенген.

Жумушчу ж-а кызматчылардын айлык акысын, колхозчулардын эмгек акысын, пенсия, стипендияны жогорулатуу ж-а жеңилдик берүү, салыкты азайтуу ж-а жоюу сыяктуу партиянын ыраattуу саясаты респ-ка-

Элдин материалдык жыргалчылыгы ж-а маданий деңгээлинин өсүшү

	1940	1965	1975	1979
Калктын саны (жыл аягына карата), миң	1588	2615	3331	3589
а. и. шаардыктар	375	965	1295	1390
Жумушчулардын ж-а кызматчылардын жылдык орточо саны, миң	175	617	936	1075
Шаардыктардын турак жай фондусунун жалпы (пайдалуу) аянты (жыл аягына карата), миң $м^2$	1617	7850	12173	13882
шаардык ар бир адамга орточо алганда, $м^2$	4,3	8,1	9,4	10,0
Окуп жаткандардын жалпы саны, миң	342,9	797,6	1259,9	1424,2
а. и.:				
жалпы билим берүүчү мектептерде	333,8	628,7	857,7	866,9
кесипчилик-техникалык орто окуу жайларында	—	—	14,3	29,7
атайын орто окуу жайларында	6,0	31,8	44,3	48,3
Жогорку окуу жайларында	3,1	32,2	50,2	55,1
Мектепке чейинки туруктуу балдар мекемелериндеги балдардын саны (жыл аягына карата), миң	6,6	68,3	119,7	145,2
Китепканалардын саны (жыл аягына карата)	589	1281	1543	1710
Андагы китеп м-н журнал, миң нуска	1069	10738	15981	19212
Кино көрсөткүчтүн саны (жыл аягына карата)	213	959	1157	1207
Кино көрүүчүлөрдүн саны, миң киши	3859	35503	43637	45232
Театр көрүүчүлөрдүн саны, миң киши	696	1211	1467	1420
Китеп тиражы (жылдын аягына карата) миң нуска	1283	5032	8104	8593
Бир жолку газета тиражы, миң нуска	192	594	1196	1237
Журнал ж-а башка мезгилдүү басма сөздүн тиражы, миң нуска	233	8016	30656	30696
Бардык врачтардын саны (жыл аягына карата), миң	0,6	5,0	8,2	10,0
Калктын 10000 киши сине — врач	3,8	19,1	24,7	27,8
Ооруканадагы орундун саны (жыл аягына карата), миң	3,8	23,8	37,5	42,3
10000 кишиге ооруканадагы орун	24,1	91,1	112,5	117,7

нын калкынын чыныгы кирешесинин ылдам өсүшүнө алып келди. Респ-када киши башына эсептегенде 9-бен жылдыкта чыныгы кирешенин 25%тен ашып, ал эми 10-бен жылдыкта 10,2% көбөйдү. Эмгекчилердин кирешесин көбөйтүүдө ж-а элдин турмуш жыргалчылыгын улам арттырууда КПССтин Программасы м-н 26-съездинин чечимдеринде аныкталгандай эмгек акыны иштин сапаты ж-а санына жараша жогорулатуу эң негизги багыт болуп эсептелет. Калктын чыныгы кирешесинин өсүшүндө коомдук керектөө фондусу чоң роль ойнойт. Ал эмгекке акы төлөө фондусуна караганда тезирээк өсөт.

Калктын чыныгы кирешесинин өсүшү (ар бир киши эсептегенде % м-н)

Жылы	Өсүү темпи, % м-н	
	1965-жылга караганда	1970-жылга караганда
1970	130,3	100
1971	134,1	102,8
1972	141,6	108,7
1973	147,8	113,4
1974	154,5	118,5
1975	162,5	124,7
1976	166,4	127,6
1977	168,4	129,2
1978	171,4	131,5
1979	176,6	135,3
1980	183,4	140,7
1981	188,0	144,0

Жумушчулар м-н кызматчылардын эмгек акысы ж-а колхоздордо эмгек акы төлөө. Эмгекчилердин талаптарын канааттандырууда ж-а алардын жыргалчылыгын жогорулатууда жумушчулардын, кызматчылардын ж-а колхозчулардын коомдук иштерге катышуудан алган эмгек акысы негизги

Калктын акчалай кирешесинин өсүшү

	1980-ж. % м-н			
	1960-жылга караганда	1965-жылга караганда	1970-жылга караганда	1975-жылга караганда
Бардык кирешe	456,4	288,7	186,8	127,8
Эмгек акы . .	456,4	286,5	184,2	129,3
Колхоздордон алынган акчалай кирешe . .	282,6	160,4	125,8	101,9
А. ч. азык-түлүгүн сатуудан түшкөн кирешe	324,7	372,7	240,1	128,8
Пенсия ж-а пособие	687,9	401,9	241,0	129,3
Стипендия . . .	754,8	440,3	238,4	132,1

булактардан болуп саналат. Жумушчулардын ж-а кызматчылардын үй-бүлөлөрүнүн бюджетинен эмгек акы 70-жылдары бардык жеке кирешенин $^4/_5$үн түзгөн. Калктын жылдык чыныгы кирешесинин $^3/_4$кө жакын

Жумушчулардын ж-а кызматчылардын эл чарбасынын тармактары б-ча акчалай айлык эмгек акысынын орточо өсүшү (сом)

	1940	1960	1970	1980
Жалпы эл чарбасы б-ча . .	30,2	74,9	112,6	147,9
Өнөр жай (о. ж. өндүрүш кызматкерлери)	29,3	88,7	125,6	169,5
Айыл чарбасы	22,7	52,6	86,0	126,0
Токой чарбасы	25,3	39,9	91,0	115,5
Транспорт	32,8	78,9	127,5	176,7
Байланыш	29,3	59,6	92,0	140,4
Курулуш	30,5	85,7	148,6	179,7
Соода, коомдук тамактануу, материалдык-техникалык жабдуу, сатып өткөрүү ж-а даярдоо	25,4	58,9	91,7	125,9
Турак жай, коммуналык чарба ж-а калкты тейричилик жактан тейлөө	25,1	55,4	91,4	124,1
Саламаттык сактоо, физкультура ж-а спорт, социалдык камсыздоо	26,5	59,9	88,9	118,0
Элге билим берүү	30,8	75,4	109,6	131,1
Маданият	30,9	51,2	85,7	107,4
Илим ж-а илимий тейлөө . .	40,4	104,6	144,4	174,6

өсүшү жумушчулардын, кызматчылардын ж-а колхозчулардын эмгек акысын жогорулатуудан келип чыкты.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу, эмгекчилердин квалификациясын ж-а эмгек акысын жогорулатуу чараларынын эсебинен 70-жылдары эмгек акы көбөйдү. Жумушчу, кызматчылардын айлык эмгек акысы орточо 1965-ж. 89,6, 1975-ж. 134,2, 1981-ж. 50,3 сомго арбыган. Ал эми коомдук фондудан берилген кошумча төлөм ж-а жеңилдикти кошкондо ошол эле жылдарда 121,2, 188,1, 215 сомду түзгөн. КПССтин 25-съезди белгилеген социалдык өнүктүрүү программасына ылайык элдин материалдык жыргалчылыгын улам жогорулатуу максатында КПСС БК, СССР Министрлер Совети ж-а ВЦСПС 1976-ж. декабрда жумушчулар м-н кызматчылардын эмгек акы минимумун жогорулатуу м-н бирге эл чарбасынын өндүрүш эмес тармактарында орточо төлөнүүчү категориядагы жумушчулардын эмгек акысын жогорулатуу ж-дө токтом кабыл алды. Жумушчулардын ж-а кызматчылардын эмгек акысы коомдук керектөө фондусунан берилген кошумча төлөм м-н жеңилдикти кошкондо 1981-ж. 215 сомду түздү. Ал эми беш жылдыктын ичинде эмгек акы 11,9% өстү.

Колхозчулардын коомдук кирешедеги үлүшү алардын колхоз чарбасына сарптаган эмгегине байланыштуу келет да, колхозчулардын акысы ар бир артелдин өндүрүшүнүн жалпы жыйынтыгына жараша эмгек акы фондусунан белгиленет. 1966-жылга чейин колхоз өндүрүшүнө эмгекке акы төлөө башкача болчу. Колхоздордо эмгекке акы төлөө эмгек күнүө негизделип, колхозчуларга аткарган жумуш үчүн аванс акы төлөнчү эмес. Ал жыл аягында жүргүзүлүп, ал да кирешенин бир бөлүгү, бүт коомдук керектөөдөн калган каражатты бөлүштүрүүдөн турган. Акырында колхоздордо эмгек акы төлөө жумушчу м-н кызматчылардын эмгек акысына жакындатылды. Колхоздордун экономикасынын оркүндөшү, колхозчулардын эмгек акысынын орточо деңгээлинин жогорулашы мамл. ишканалар м-н колхоздордо эмгегине жараша акы төлөөнү жакындаштырууга шарт түздү. КПСС БКнын Март (1965) пленумунун чечимдерине ылайык колхозчулардын коомдук жумушка материалдык жеке кызыкчылыгын жогорулатуу иретинде, гарантиялуу акчалай эмгек акыга өткөрүү белгиленди. Колхозчуларды социалдык жактан камсыздандыруу киргизилди. Механизаторлордун эмгек акысы артты. Тракторист-машинисттердин тарифтери жогорулап, иштөө мөөнөтүнө жараша кошумча акы белгиленди. Мал чарбачылыгында эмгектенгендерге мал чарбасынын 1- ж-а 2-класс устаты деген наам белгиленип, ал наам үчүн кошумча эмгек акы төлөнөт. Адистердин эмгек акысы да көбөйтүлдү. Ушул сыяктуу камкордуктун негизинде айылдык эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгы шаар эмгекчилеринө салыштырганда тез жогорулоодо. 7- ж-а 8-бен жылдыктарда респ-каныи колхоздорунда орточо эмгек акы 2,2 эсе көбөйдү, 9-бен жылдыкта колхозчулардын кирешеси коомдук чарбанын эсебинен 14,3%, ал эми 10-бен жылдыкта 14% арбыды. Колхозчулар акчалай эмгек акысы м-н катар азыктай да акы алат. Колхозчулардын эмгек акысы колхоздун дүң кирешесине байланыштуу. Колхоздун кирешеси канчалык жогору болсо, колхозчулардын турмушу да ошончолук мыкты болот. Эгер 1965-ж. респ-каныи колхоздорунун дүң кирешеси 302 млн сомду (ошол жылдардагы баа м-н) түзсө, 1970-ж. 354 млн сомго жетип, ал эми 1981-ж. 407 млн сом болду, колхозчулардын акчалай ж-а азыктай эмгек акысы 1965-ж. 178, 1970-ж. 215, 1981-ж. 258 млн сомду түздү. Колхозчулар м-н совхоздордун жумушчулары акчалай ж-а азыктай кирешеден тышкары көрөө жай аяттарынан да бир топ кирешe алат. А. ч. өндүрүшүнүн өсүшү, аныи индустриялаштырылышы, агрардык-о. ж. интеграциясынын оркүндөшү, эмгек шартынын жакшырышы ж-а а. ч. жумуштарынын мүнөзүн о. ж. өндүрүшүнүкүнө жакындатуу — бул айыл м-н шаар эмгекчилеринин, колхозчулар м-н шаар жумушчу-кызматкерлеринин турмуш тиричилик деңгээлин жакындатуунун негизи болуп саналат.

Коомдук керектөө фондусу. Бул керектөө фондусунун бекер жө жеңилдик катары калк муктаждыгына жумшалуучу болүгү болуп эсептелет. Буга эмгек акы кирбейт. Коомдук өндүрүш м-н улуттук кирешенин жогорулатуу ж-а коомдук керектөө фондусу да көбөйүп, ар бен жылдык сайын респ-каныи калкынын турмушунда чоң роль ойнон жатат.

Коомдук керектөө фондусунан эмгекчилерге берилүүчү төлөм ж-а жеңилдик (млн сом)

	1960	1970	1980
Бардык төлөм ж-а жеңилдик	206,2	609,9	1209,7
а. п.:			
билим берүүгө бөлүнгөн каражаттар . .	74,5	233,6	419,8
саламаттык сактоо, физкультура ж-а спортко бөлүнгөн каражаттар . . .	42,6	103,1	186,6
социалдык камсыздоого ж-а социалдык камсыздандырууга бөлүнгөн каражат	62,1	183,0	439,1
а. п. пенсия	40,9	114,7	272,1
Киши башына сарпталган төлөм ж-а жеңилдик, сом	94,6	205,9	334,1

Респ-каныи азыркы социалдык-экон. түзүлүшү, өндүрүүчүлүктүн тез өсүшү эмгек ресурстарын жогору деңгээлде пайдалануу, улуттук кирешени кыйла көбөйтүүгө, демек эмгекчилерге гарантиялуу эмгек акы төлөөгө ж-а коомдук керектөө фондусунун көлөмүн жогорулатууга алып келди. Эгер 1960-ж. төлөм ж-а жеңилдик фондусунун жалпы суммасы 206 млн, 1970-ж. 610 млн, 1975-ж. 935 млн, 1981-ж. 1270 млн сомго жетип, бир жылдын ичинде бул төлөмдүн суммасы 60,5 млн сомго көбөйдү. Мунун өзү респ-када киши башына 344 сомдук кошумча коомдук байлык туура келип, 4 киши-лүү үй-бүлөнүн эмгек акысынан тышкары кошумча кирешеси 1370 сомдон ашык дегендикке жатат. Жумушчу, кызматчылардын айлык эмгек акысы кошумча төлөм м-н жеңилдикти кошкондо 1960-ж. 100,2 сомду түзсө 1980-ж. бул көрсөткүч 210,5 сомго жетти. Социалдык проблемаларды чечүүдө борборлоштурулган мамл. чаралардын мааниси чоң. 9-бен жылдыкта эмгек акы, пенсия, стипендия, пособиелерге ж. б. кошумча социалдык чараларга 8-бен жылдыкка салыштырганда каражат 1,7 эсе, 7-бен жылдыкка салыштырганда 2,6 эсе көп сарпталган. 9-бен жылдыкта респ-каныи эмгекчилери ар кандай кошумча төлөм ж-а жеңилдик иретинде 3,9 млрд сом алган. Бул 10-бен жылдыкта 5,5 млрд сомго жетип, 9-бен жылдыкка салыштырганда 1,4 эсе көп болгон.

Коомдук керектөө фондусунан эл агартууга респ-ка б-ча 1970-ж. 222,3 млн сом жумшалса, 1975-ж. 314,3 млн, 1981-ж. 411,4 млн сом жумшалган. Жалпы билим берүүчү мектептердеги ар бир окуучуга жылына 200 сом, атайын окуу жайларында 640 сомдон ашуун, жогорку окуу жайларында 1000 сомдон ашуун акча сарпталат. Респ-када көп кесиптүү орто ж-а жогорку билимдүү кадрлардын саны өстү, эмгекчилердин техникалык-маданий деңгээли жогорулап, алар жетилген соц. коомдун ж-а азыркы илимий-техникалык рев-яныи талаптарына жооп бергидей деңгээлге жетти. Коомдук керектөө фондусунун басымдуу бөлүгү эмгекчилерди медициналык тейлоого, физкультура ж-а спортту өркүндөтүүгө, туризмди көбөйтүүгө жумшалууда. (*«Саламаттык сактоо», «Физкультура жана спорт», «Туризм»* макалаларын кара). О. эле коомдук керектөө фондусунун бир канча бөлүгү эс алуу ж. б. төлөмгө сарпталат. Жумушчулардын ж-а кызматчылардын ар жылкы эс алуусунун минималдуу мөөнөтү 15 жумуш күнүнөн турат. 70-жылдардын ортосунда жумушчу ж-а кызматчылардын $^2/_5$ бөлүгүнүн төлөнүүчү эс алуусунун мөөнөтү 24 жумуш күнүнө жетти. Ал эми 18 жашка толбогон жумушчулардын эс алуусу толук бир айга барабар. Социалдык камсыздоого ж-а социалдык камсыздандырууга жумшалган чыгым респ-каныи коомдук фондусунун көлөмүнүн $^1/_3$ин түзөт, а. п. $^1/_4$ бөлүгүнө жакыны пенсияга кетет. Респ-каныи бардык эмгекчилери пенсия м-н үзгүлтүксүз камсыз кылынып турат. Респ-када пенсия ж-а пособие түрүндө 1965-ж. 104,9 млн, 1975-ж. 328,3 млн, 1981-ж. 445,0 млн сом төлөнгөн. Родинаны коргоодо же аскер милдетин отөодо жарадар болуудан, согуштун кесепетинен, ооруп калуудан инвалиддикке чыккандардын (1966—70-жылдары) пенсиясы көбөйтүлгөн. 1976—80-жылдардын ичинде респ-када төлөнгөн пенсия ж-а пособиенин жалпы көлөмү 2 млрд сомго жеткен.

Пенсия алган эмгекчилердин саны (жыл башында, миң)

	1960	1970	1980
Пенсионерлердин жалпы саны	141	353	458
а. п.:			
колхозчу пенсионерлер	—	148	151

Эл керектөөчү негизги товарларды сатуунун өсүшү (салыштырма баа м-н; 1940=1)

	1965	1970	1975	1979
Бардык товар	6,8	10,8	15,5	18,7
а. п.:				
азык-түлүк	5,1	7,7	10,4	12,2
а. п.:				
эт ж-а эт азыгы	16,3	24,8	35,1	33,2
мал майы	25,4	33,4	42,2	49,3
өсүмдүк майы	11,8	12,6	15,2	17,5
сүт ж-а сүт азыгы	50,2	92,0	121,4	137,4
кант	5,9	7,9	9,4	10,2
кондитер азыгы	6,5	11,0	14,6	16,7
ун, нан	2,9	3,7	4,8	5,4
Азык-түлүк эмес товар . . .	9,1	15,5	23,6	29,6
а. п.:				
кебез кездеме	2,9	3,1	3,3	3,8
кыл торко кездеме ж-а жоолук	7,6	11,7	14,3	16,8
жибек кездеме	26,4	24,8	39,2	48,2
кийим ж-а ич кийим	6,9	13,6	19,6	24,1
тор кийим	17,3	49,9	68,6	90,0
байпак	18,7	36,3	46,1	60,8
булгаары бут кийим	8,4	14,4	19,5	23,4

Эл керектөөчү товарларды сатуу жана сатуу. Эмгекчилердин кирешесинин бир кыйла көбөйүшүнөн улам алардын керектөө чойросу кеңейип, талап деңгээли жогорулоодо. Өтө маанилүү азык-түлүк товарларын сатуу кескин көбөйдү, бул респ-каныи калкынын санынын өсүшүнө байланыштуу болду. Бирок азык-түлүк арбын сатылганы м-н ал менчик көмөк чарбаларда аз

Шаар ж-а айыл-кыштак калкынын маданий-тиричилике керектүү чыдамдуу буюм м-н камсыз болушу (жылдын аягында, даана)

	100 үй-бүлөгө		
	1970	1975	1979
Сааттын бардык түрү	351	389	440
Радио кабылдагыч ж-а радиола . .	48	60	68
Телекөрсөткүч	47	67	75
Фотоаппарат	19	19	21
Мүздаткыч	34	62	75
Кир жуучу машина	56	66	70
Электр чаң соргуч	5	9	13
Мотоцикл ж-а мотороллер . . .	5	6	7
Велосипед, мотовелосипед, мопед .	47	48	46
Тигүүчү машина	53	58	63

дайдалып калды. Партия м-н өкмөттүн чараларына байланыштуу 80-жылдарда менчик көмөк чарбаларда азык көбүрөөк белгиленде баштады. Эмгекчилер дайыма сапаттуу а. ч. азык-түлүгүн талап кылууда. 1979-ж. 1960-жылга салыштырганда киши башына бир жылда сүт азык 24 *кг*га, жашылча ж-а бакча 25 *кг*га, жумурткa 44 даанага көбөйүп, нан керектөө төмөндөдү. Тамашка картошка ж-а нан аз колдонулуп, башка түрдүү азык көп пайдаланылгандыктан, эмгекчилердин тамак-аш рационунун сапаты жакшырды. О. эле азык-түлүк эмес товар керектөө да жогорулады. Эгер 1940-ж. киши башына 24 сомдук азык-түлүк эмес товар сатылса,

1981-ж. бул көрсөткүч 408 сомго жетти. Азык-түлүк эмес товардын керектелиши азык-түлүк товарга салыштырганда ыкчамыраак өсүүдө. Респ-када 1940—79-жылдарда (ошол жылдардагы баа м-н) товардын бардык түрүн сатуу 17,3 эсе, а. и. азык-түлүк товары 11,6 эсе, азык-түлүк эмес товар 28 эсе өстү. Элдин сатып алуу мүмкүнчүлүгү жогорулаганына байланыштуу кыл торко кездеме, даяр кийим, мебель, саат, радио кабылдагыч ж-а радиола, асыл буюм сатуу жогорулады. 1965-жылга салыштырганда 1979-ж. электр чаң соргуч 4, муздаткыч 3, мотоцикл ж-а мотороллер 2 эсе көп сатылды. Калкты чыдамдуу маданий-тиричилик буюму м-н камсыз кылууда бир топ жылыш болду.

Айыл-кыштак калкынын акчалай кирешеси жогорулагандыгына байланыштуу маданий-тиричилик буюмун сатып алуу арбын, 1960—79-жылдары алардын сатылышы респ-када киши башына 1,5 эсе, а. и. айыл-кыштакта 2 эсе жогорулады. Айыл-кыштактарда респ-каныш жалпы калкынын 61% жашап, аның үстүнө алар маданий-тиричилик товарларын шаардан да (Кыргызстан Борбордук статистика башкармасынын тандалма изилдөөсүнө караганда — 23%) сатып алат. Ушундан улам 70-жылдардын орто ченинде айыл калкы шаардыктарга караганда бул товарларды көп сатып алган десек болот. Бул коммунисттик партиянын айыл-кыштак эмгекчилеринин турмушун жакшыртуу үчүн камкордук көрүп жаткандыгынын далили болуп эсептелет.

Үй-бүлө бюджети. Жумушчу үй-бүлөнүн кирешеси изилдеп келгенде, аның эң негизги кирешеси эмгек акы ж-а коомдук керектөө фондусу болуп чыкты. Тачарбадан алынган кирешенин да мааниси чоң. Ушинтип, азык-түлүк, азык-түлүк эмес товар сатып алуудан, о. эле тейлөө чыгымынан колхозчулардын акчалай кирешеси артып калып, алардын сактык кассаларындагы аманат акчасы улам көбөйүүдө.

Турак жай курулушу. Эмгекчилердин жашоо шартын жакшыртууда аларды турак жай м-н камсыз кылуу чоң роль ойнойт.

Курулган турак жай саны ж-а турак жай шартын жакшырткан эмгекчилердин саны

	курулган турак жай, млн	турак жай шартын жакшырткан эмгекчилер, млн адам
1940	7,5	24
1950	13,9	63
5-беш жылдык	64,6	314
6-беш жылдык	105,4	505
7-беш жылдык	110,8	544
8-беш жылдык	125,3	616
9-беш жылдык	100,5	557
10-беш жылдык	89,6	492

Турак жай куруу кеңири кулач жайышына байланыштуу шаар-кыштак көркү таанылгыс өзгөрүлүп, аларда курулушту жайгаштыруу ж-а архитектура өркүндөтүлүп, шаар - кыштак эмгекчилеринин турмуш тиричилиги жакшыруунун негизги булагы болуп саналат. Турак жай курулушуна капиталдык салым көп болуп, кыйла турак жай имараты курулду. 1950-ж. турак жай курулушуна 16 млн сом бөлүнсө, 1965-ж. 78 млн, 1975-ж. 120 млн, 1979-ж. 125 млн сом бөлүнгөн.

1965—79-жылдарда бардык финансы булагынын эсебинен кыштактарда 9 млн м² турак жай пайдаланууга берилип, айыл-кыштак тиричилигинен электр, газ, суу түтүгү бекем орун алды. Колхоздордун экономикасы чыңдалган сайын кыштактагы турак жай курулушуна коомдук каражат улам арбын жумшалууда. 1970—79-жылдарда респ-каныш миллионго жакын эмгекчилери жаңы үйгө кирди же турак жай шартын жакшыртты. 1981-жылдын аягындагы маалымат б-ча шаарда киши башына 11,1 м² турак жай туура келди. Курулган ж-а курулуп жаткан турак жай жашоого эң ыңгайлуу. Эгер 1941-ж. шаар ж-а ш. т. посёлкалардын жалпы турак жай курулушунун 5% суу түтүгү, 3% канализация, 2% башкы жылытkыч, 53% электр м-н камсыз болсо, 1981-ж. суу түтүгү 82%, канализация 77%, башкы жылытkыч 79%, газ 92%, ванна 71%, электр м-н 100% камсыздалды. Бул ыңгай шаарларда курулуп жаткан бардык турак жайда бар.

1971—81-жылдары турак жай ыңгайлуу курулуп, жашоо бөлмөлөрү м-н комөктөш бөлмөлөрү көп, шыбы бийик салынат. Турак жай м-н калкты камсыз кылууда көрүнүктүү өсүш болуп, ал турак жай сапаты жакшырышы м-н бирге СССРде квартира акы туруктуу келет, бул акы өнүккөн капит. өлкөлөрү салыштырганда төмөн ж-а 1928-жылдан бери өзгөрүлбөй келе жатат. Ө. ж. жумушчуларынын үй-бүлөсүнүн квартирага, коммуналык ж-а менчик үйлөрүнө сарптаган каражаты алардын чыгымынын 3%ин гана түзөт. Совет бийлигинин жылдарында респ-када адамдын жашоо шарты экономика ж-а социалдык жагынан түп тамырынан бүт өзгөрдү. Соц. турмуш толугу м-н орнот, өркүндөп жатат, ал эми аның негизин коомдун ар бир мүчөсүнүн эркин эмгеги түзөт. Өнүккөн социализмдин экономикасы социалдык прогрессти ылдамдатууга, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууну, аны ургаал өнүктүрүүнүн негизинде элдин жыргалчылыгын улам улам жакшыртууга өбөлгө болот. Өнүккөн социализмдин социалдык программасына бардык иштн толук камтуу, көп кырдуу социалдык маселелерди чечүү, буга

Шаар ж-а айыл-кыштак калкынын киши башына азык-түлүк ж-а азык-түлүк эмес товардын сатылышы (сом)

	1940	1960	1965	1970	1975	1980
Сатылган товардын жалпы көлөмү, коомдук тамактануу үюму ж-а эмгекчилердин керек-жарак кооперация аркылуу сатылган ашыкча а. ч. азык-түлүгүн кошкондо, бардыгы	60	272	339	466	601	720
шаардыктарга	—	488	574	743	927	1056
айылдыктарга	—	160	202	300	397	507
Азык-түлүк товар сатуу, бардыгы	36	138	185	243	300	338
шаардыктарга	—	262	312	393	474	507
айылдыктарга	—	79	112	153	191	231
Азык-түлүк эмес товар сатуу	24	134	154	223	301	382
шаардыктарга	—	226	262	350	453	549
айылдыктарга	—	81	90	147	206	276


мак-ашка, салыкка кетүүчү каражат төмөндөгөнүнө байланыштуу азык-түлүк эмес товар: кездеме, кийим, бут кийим, айрыкча маданий-тиричилик буюмун сатып алуу чыгымынын көбөйгөндүгү ар бир жумушчу үй-бүлөнүн акчалай кирешесинин ж-а турмуш жыргалчылыгынын жогорулагандыгынын далили боло алат. Ушундай эле өзгөрүштү колхозчулардын кирешесинен да көрүүгө болот. Колхозчулардын үй-бүлөсүнүн жалпы кирешесинин ичинен коомдук керектөө фондусунун

Калктын сактык кассаларындагы аманаты (жыл аягына карата)


	1940	1950	1960	1970	1980
Аманат суммасы, млн сом	3,5	8,7	65,8	303,1	990,6
а. и.:					
шаардыктардыкы	2,4	6,9	47,2	206,4	694,7
айылдыктардыкы	1,1	1,8	18,6	96,7	295,9
Ар бир аманаттын орточо суммасы, сом	38	96	204	520	989
а. и.:					
шаардыктардыкы	58	124	225	531	1038
айылдыктардыкы	21	49	165	496	890

үлүшү 5тен ашуун эсе көбөйдү. Бул негизинен 1965—80-жылдары мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн чараларга ылайык колхозчуларга пенсия төлөөго ж-а аны акырындык м-н көбөйтүүгө байланыштуу болду. Колхозчулардын азык-түлүк ресурстарын толуктоодо комок


КАЛКТЫН ЖЫШТЫГЫ



КАЛКТЫН ЖЫШТЫГЫ


Чолок-Коргон
Жамгытас
Сары-Барак
Кара-Тоо
Бийликол
Кемин
Чуй
Токмок
Орловка
Ак-Тал
Чолпон-Ата
Ак-Булак
Ысык-Көл
Покровка
Преображенка
Джеты-Огуз
Нарын
Кочкор
Сарт-Токой
Сары-Булак
Каныш-Кыя
Кызыл-Ой
Миң-Куш
Доступ
Нарын
Ак-Шыйрак
Ак Суу
Ташкент
Чирчик
Ангрен
Алмалык
Сыр-Дарья
Шахрихан
Андижан
Кокон
Маргелан
Бергана
Ленинабад
Кайрак-Кум сув с.
Восточный
Шурав
Хайдаркен
Сары-Таш
Кара-Мык
Заравшан
Джизак
Сувсай
Кара-Кол
Нурек сув с.
Газган
Рацкол
Афганистан
Ак-Сай
Чатыр-Кол
Ачал
Пычан
Кызыл-Суу
Сув-Сай
Жерготал
Наманган
Чадак
Тарн
Кызыл-Кия
Ош
Сузак
Ленинский
Кара-Дарья
Жалал-Абад
Кочкорка
Хош-Добо
Ат-Баши
Тогуз-Торо
Кара-Суу
Ала-Бука
Таш-Мойнок
Кегети
Курдай
Георгиевка
Талгар
Алматы
Иссык
Каскелен
Чилик
Капчагай сув с.
Кеген
Нарынкол
Ак Суу
Ак-Сай
Ачал
Пычан
Табышкан-Дарма (Какшаал)
Чатыр-Кол
Ысык-Көл
Ы
Т
К
А
З
С
Р
Н
Ы
Т
А
Н
Ы
К
С
Р
Н
Ы
К
А
З
А
Х
С
Т
А
Н
Ы
К
Ы
Р
Г
Ы
З

АЙЫЛ ЧАРБАСЫ



АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЗОНАЛАР

- I Фергана пахтачылык зонасы
- II Фергана тоо этегиндеги мал чарба-пахтачылык зонасы
- III Фергана тоо этегиндеги тамеки-мал чарбачылыгы
- IV Чүй мал чарба-кызылчачылык зонасы
- V Талас кой чарба-тамекичилик зонасы
- VI Ысык-Көл кой-уй чарбачылык зонасы
- VII Бийик тоо кой чарбачылыгы
- Ғ Фрунзе шаар четиндеги сүт-жашылча ички зонасы
- А Борбордук Тянь-Шань бийик тоо ички кой чарба зонасы
- Б Түштүк Кыргызстан бийик тоолу кой чарба ички зонасы
- зонасы, адистештирилген зона чеги, ички зона чеги.

ЧАРБАЛАРДЫН АДИСТЕШТИРИЛИШИ


колхоздор, мамлекеттик чарбалар

- Пахтачылык
- Тамеки -мал чарбачылык
- Мал-тамеки чарбачылык
- Мал-жашылча чарбачылык
- Мал-чарбачылык

ТАРОО ӨЙРӨСҮ

- кант кызылчачылык
- тамеки
- пахтачылык
- жүзүмчүлүк
- эфир майын өстүрүү
- багбанчылык

I.II зона индекси Б,А ички зона индекс



АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЗОНАЛАР

I Фергана пахтачылык зонасы
II Фергана тоо этегиндеги мал чарба-пахтачылык зонасы
III Фергана тоо этегиндеги тамеки-мал чарбачылыгы
IV Чүй мал чарба-кызылчачылык зонасы
V Талас кой чарба-тамекичилик зонасы
VI Ысык-Көл кой-үй чарбачылык зонасы
VII Бийик тоо кой чарбачылыгы
Фрунзе шаар четиндеги сүт-жашылча ички зонасы
А Борбордук Тянь-Шань бийик тоо ички кой чарба зонасы
Б Түштүк Кыргызстан бийик тоолу кой чарба ички зонасы, адистештирилген зона чеги, ички зона чеги.

ЧАРБАЛАРДЫН АДИСТЕШТИРИЛИШИ

колхоздор, мамлекеттик чарбалар

Пахтачылык
Тамеки -мал чарбачылык
Мал-тамеки чарбачылык
Мал-жашылча чарбачылык
Мал-чарбачылык

ТАРОО ЧӨЙРӨСҮ

кант кызылчачылык
тамеки
пахтачылык
жүзүмчүлүк
эфир майын өстүрүү
багбанчылык

I.II зона индекси
Б,А ички зона индекси

МАСШТАБЫ 1:3 000 000
30 60 90 120 км

эмгекчилерди кеңири тартуу мүнөздүү болуп саналат. «Бул баарыдан мурда советтик адамдардын турмуш жыргалчылыгын мындан ары да жогорулатууга, алардын эмгеги менен турмуш тиричилик шартын жакшыртууга, саламаттык сактоонун, элге билим берүүнүн, маданияттын орчундуу прогрессине, жаңы адамдын калыптанышына, адамдын ар тараптан онүгүшүнө, социалисттик турмуштун ордогун оркүндөтүүгө жардам бере тургандардын бардыгына тиешелүү болот» (КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977, 46-б.).

К. Исаев

Өкмөттүк сыйлыкка татыктуу болгон ишканалар жана мекемелер

Аты	Сыйлык алган жылы	Ордени
Административдик борбордор		
Ош области	1968	Ленин
Фрунзе ш.	1978	Эмгек Кызыл Туу
Коомдук уюмдар		
Ош обл-дагы Ленин р-ндук комсомол уюму	1968	Эмгек Кызыл Туу
Ө. ж. ишканалары		
М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты	1971	Эмгек Кызыл Туу
Кайынды кант з-ду	1971	«Ардак Белгиси»
Кыргызстан камвол-нооту комбинаты	1971	Эмгек Кызыл Туу
Кант р-ндагы Кыргызстан зоналык машина сыноо станциясы	1971	Эмгек Кызыл Туу
М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу з-ду	1971	Эмгек Кызыл Туу
Уч-Кошкон геология экспедициясы	1971	«Ардак Белгиси»
Фрунзе сүт комбинаты	1976	«Ардак Белгиси»
Октябрдын 40 жылдыгы атн. Фрунзе кийим тигүү фабрикасы	1976	Эмгек Кызыл Туу
Фрунзе эксперименттик ремонт з-ду	1976	«Ардак Белгиси»
Түш. Кыргызстан геология экспедициясы	1976	«Ардак Белгиси»
Ош—Хорог автожол башкармасы	1981	Эл Достугу
Колхоз, совхоз ж. б. айыл чарба мекемелери		
Сокулук р-ндагы В. И. Ленин атн. к-з	1940	«Ардак Белгиси»
Ысык-Көл р-ндагы «Новая жизнь» к-зу	1940	«Ардак Белгиси»
Ысык-Ата р-ндагы Краснореченка МТСи (азыркы Краснореченка механикалык ремонт з-ду)	1940	Эмгек Кызыл Туу
Москва р-ндагы «Красный Октябрь» к-зу	1967	Ленин
Тянь-Шань р-ндагы Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы	1967	Ленин
Кара-Суу р-ндагы «Катта-Талдык» мамл. асыл тукум кой з-ду	1967	Эмгек Кызыл Туу
Талас р-ндагы «Каракол» к-зу	1967	Эмгек Кызыл Туу
Талас р-ндагы «Победа» к-зу	1971	Ленин
Сокулук р-ндагы «Жаңы-Пахта» с-зу (азыркы СССРдин 50 жылдыгы атн. урон чарбасы)	1971	«Ардак Белгиси»
Тянь-Шань р-ндагы «Жаңы-Талап» к-зу	1971	Октябрь революциясы
Сузак р-ндагы «Коммунизм» к-зу	1971	Эмгек Кызыл Туу
Түп р-ндагы СССРдин 50 жылдыгы атн. к-з	1976	«Ардак Белгиси»
Аламүдүн р-ндагы В. И. Ленин атн. к-з	1979	Эмгек Кызыл Туу
Кочкор р-ндагы «Кочкор» мамл. асыл тукум кой с-зу	1980	Эмгек Кызыл Туу

Социалисттик Эмгектин Баатырлары

Ф. А. А.	Туулган же жашаган жылдары	Кесиби
1		3
Эки жолку баатырлар		
1948, 1951		
Анаров Алля	1907—79	пахтачы, бригадир
1948, 1957		
Кайназарова Зууракан	1902—82	кызылчачы, звеновой
1951, 1957		
Таширов Хайтакун	1902—62	колхоз председатели
Бир жолку баатырлар		
1947		
Дорошенко Наталья Егоровна	1929	кызылчачы, звеновой
Исманлова Инахон	1921	пахтачы, звеновой
Сатыбалдиев Алтымыш	1900	шахтёр
1948		
Абакиров Мамыт	1912	жылкычы
Абдраимов Кочкомбай	1914	жылкычы
Абдраимов Матай	1888—1955	пахтачы, звеновой
Абдраимов Асаналы	1906	жылкычы
Андабеков Эрназар	1905—57	жылкычы
Асанбеков Төлөнбай	1925	жылкычы, ферма башчысы
Бабенко Потап Васильевич	1888—1951	колхоз председатели
Базавлюк Евдокия Сергеевна	1923	кызылчачы, звеновой
Бекмурзаев Кадыр	1913	колхоз председатели
Бектембаев Ибраим	1895—1979	**уйчу**
Бирюков Пётр Филиппович	1912—79	механизатор, бригадир
Гречухина Мария Яковлевна	1909	кызылчачы
Дубинецкий Захар Васильевич	1893	кызылчачы, бригадир
Жусубалиев Балтабай	1875—1965	жылкычы
Золотарёв Сергей Григорьевич	1886	МТСтин директору
Зубков Дмитрий Петрович	1911	агроном
Исаев Беделбай	1911	колхоз председатели
Каданцев Иван Иванович	1923	жумушчу
Кайназаров Толубай	1900	дыйканчылык звеновою
Камчыбеков Айты	1915	дыйканчылык звеновою
Каримов Жумалы	1892—1950	жылкычы
Каримов Иманжан	1906	пахтачы, звеновой
Карымшаков Абдыкадыр	1898	жылкычы
Козлов Иван Яковлевич	1900—76	кызылчачы, бригадир
Койчиев Мамбет	1899	жылкычы
Конгайтиев Супай	1885—1979	жылкычы, ферма башчысы
Кочкорова Сарахан	1922	пахтачы, звеновой
Кулбаев Камбар	1908	жылкычы
Кулбаев Маман	1917	жылкычы, ферма башчысы
Кулов Бейшеналы	1900—79	жылкычы
Кулумбаев Жусубалы	1892—1978	чабан
Курманбаев Эмилбек	1908	жылкычы
Кутукеев Кубаталы	1883—1978	жылкычы, ферма башчысы
Ложенко Пелагея Макаровна	1904	саанчы
Лупина (Дубинская) Мария Фёдоровна	1926	кызылчачы, звеновой
Ляленко Константин Матвеевич	1907—76	дыйканчылык звеновою
Ляховенко Андрей Павлович	1895—1971	колхоз председатели
Мадымаров Абдулла	1919	дыйканчылык звеновою
Мамарасулов Сабиткул	1911—75	пахтачы, звеновой
Мамасалиев Халдар	1908—76	пахтачы, звеновой
Масантов Атажан	1897—1977	пахтачы, звеновой
Матиев Анымат	1905	жылкычы
Нигрилов Даниил Андреевич	1908	кызылчачы, бригадир
Нураков Исак	1906	жылкычы
Петренко Леон Филиппович	1895	шахтёр
Полынцева Нина Фёдоровна	1928—80	кызылчачы, звеновой
Попова Ульяна Григорьевна	1911—77	кызылчачы, звеновой
Пошивайлов Никифор Макарович	1909—58	кызылчачы, бригадир

1	2	3
Рябка Клавдия Алексеевна	1918	кызылчачы, звеновой
Саипова Санавар	1928	кызылчачы, звеновой
Семенистова Анна Яковлевна	1907	кызылчачы, звеновой
Сворцова Матрена Ермолаевна	1895—1978	кызылчачы, звеновой
Таракчиев Акун	1903	колхоз председатели
Тешебаев Файзулла	1925	пахтачы, звеновой
Тимковский Меер Иосифович	1909	кант заводунун директору
Тургунов Юлдашбай	1901—78	пахтачы, бригадир
Чернецова Акулина Фоминична	1902	кызылчачы, звеновой
Шеркулов Асан	1900—55	колхоз председатели
Шмелев Михаил Полихронович	1900—76	кызылчачы, бригадир
Щербакова Анастасия Константиновна	1914	кызылчачы, звеновой
Эликбаев Аалы	1900	колхоз председатели
Эркимбаев Токтопалы	1885—1976	жылкычы
Юрченко Александра Алексеевна	1909	кызылчачы, звеновой
1949		
Асанов Жаманбай	1918	дыйканчылык звеновою
Бочкарева Аграфена Терентьевна	1902	кызылчачы, звеновой
Дробитько Елена Алексеевна	1909	тамеки остүрүүчү, звеновой
Жумамбетов Кадыралы	1887—1972	жылкычы
Кадыралиев Казанбай	1891—1956	жылкычы
Каримов Саит	1898	жылкычы
Касыбаев Алымбай	1894	дыйканчылык бригадири
Котоев Өмурзак	1890—1971	жылкычы
Назаралиев Шаршен	1915—70	чабан
Сатыбалдиев Нарманбет	1887—1974	жылкычы
Тазабеков Мамбетсалы	1896—1955	жылкычы
Тоокеев Ормоке	1886	жылкычы
Турдуев Султаназар	1924	дыйканчылык звеновою
1950		
Абжалиев Пазыл	1909	тамеки остүрүүчү, бригадир
Алиахунов Абдыкадыр	1902—70	пахтачы, звеновой
Алимбаев Пахридин	1892	тамеки остүрүүчү, звеновой
Гребещенко Дмитрий Николаевич	1905	тамеки остүрүүчү
Колесниченко Мария Павловна	1928	кенеп остүрүүчү, звеновой
Косивцева Надежда Алексеевна	1913	кенеп остүрүүчү, звеновой
Кругликова Анна Николаевна	1923	кенеп остүрүүчү, звеновой
Курненко Анна Акимовна	1910	саанчы
Кыпчаков Абдулла	1918	тамеки остүрүүчү, звеновой
Лопухова Пелагея Васильевна	1918	тамеки остүрүүчү, бригадир
Мажанынов Тажыбай	1906	тамеки остүрүүчү, бригадир
Приходько Мария Фёдоровна	1909	кенеп остүрүүчү, звеновой
Сотникова Анисья Марковна	1911	кенеп остүрүүчү, звеновой
Сычугов Андрей Григорьевич	1912—75	дыйканчылык бригадири
Хоружева Анна Яковлевна	1918	саанчы
1951		
Гавсидинов Гиясидин	1927—78	пахтачы, бригадир
Жумабаев Алахун	1896—1976	пахтачы, бригадир
Клименко Михаил Дмитриевич	1911	комбайнчы
Маматурдиев Ашыралы	1899	пахтачы, звеновой
Мох Григорий Иванович	1909	дыйканчылык бригадири
Мусаев Тешебай	1894	пахтачы, бригадир
1953		
Титов Фёдор Степанович	1913—63	уйчу
1957		
Абдукаримов Абдумавлян	1922	пахтачы, бригадир
Абдулаев Курманкул	1918	комбайнчы

1	2	3
Алимов Сали	1900	колхоз председатели
Анаров Айтбай	1904	колхоз председатели
Атабекова Өлмөсхан	1922	колхоз председатели
Воробьева Наталья Илларионовна	1918	кызылчачы, звеновой
Досбергенов Төлөбек	1906	чабан
Дүйшеева Жамыйла	1919	комбайнчы
Жаркымбаев Акмат	1882	чабан
Жолбаев Урустөм	1914—71	шахтёр
Жумадылова Мария	1927	дыйканчылык звеновою
Жусупов Билал	1925	чабан
Жусупов Эшенкул	1915	колхоз председатели
Ивашкеевич Тимофей Фёдорович	1908—77	колхоз председатели
Илипбаев Ишемби	1928	чабан
Иманов Капар	1920	партиялык кызматкер
Исаков Сра	1927	чабан
Кадыров Абдулхамит	1930	пахтачы, звеновой
Казаков Абдуллажан	1906—76	пахтачы, звеновой
Кайыпов Өсконбай	1911	колхоз председатели
Кожобекова Сүйүмкан	1913	чабан
Кожоканов Мукамбет	1906—67	уйчу
Кочкорбаев Исак	1890—1965	колхоз председатели
Левченко Николай Иванович	1913	партиялык кызматкер
Мирабдазизов Хамил	1914—77	партиялык кызматкер
Мырзакулов Балтабай	1928	чабан
Нишанов Сабиржан	1904—51	пахтачы, бригадир
Обливальный Павел Степанович	1904—76	МТСтин директору
Перенко Пётр Яковлевич	1921—76	кызылчачы, звеновой
Пионт Денис Ефремович	1903	МТСтин директору
Реуцкая Аграфена Павловна	1918	саанчы
Сагымбаева Телегей	1902—80	чабан
Садыкова Сыйнат Умаровна	1917—76	партиялык кызматкер
Садыков Убайдулла	1902	колхоз председатели
Сартбаев Ракматалы	1934	чабан
Сейитбекова Асылбүбү	1917—66	уйчу
Сецирбаев Турдукул	1928—78	колхоз председатели
Смирнов Михаил Яковлевич	1917—78	колхоз председатели
Стрельникова Феодосия Афанасьевна	1900—57	совхоз директору
Сулайманов Турсуналы	1897—1971	колхоз председатели
Султанов Кадырмат	1905—57	партиялык кызматкер
Темирова Асипа	1909—78	чабан
Тулобердиев Океш	1904—72	колхоз председатели
Шопокова Керимбүбү	1916	кызылчачы, звеновой
Эрматова Тажихан	1940	пахтачы, звеновой
Юнусалиев Кушназар	1910	партиялык кызматкер
Юнусов Топчубай	1905	колхоз председатели
1958		
Абдраимов Кудайкул	1917	колхоз председатели
Абдылдаева Расил	1924	чабан
Алыбекова Карачач	1895—1960	чабан
Базаров Ыймаш	1918—77	ферма башчысы
Исманлов Толосун	1926	чабан
Калдашев Юсуп Ахун	1893	жумушчу
Кокобаев Базаралы	1935	чабан
Мурзакматов Акун	1914	чабан
Мусуралиева Бакыт	1922	чабан
Полотов Тойчу	1907	чабан
1960		
Жакыбаева Маруся	1934—80	чабан
Матвиенко Дарья Антоновна	1910	ширетүүчү
Тешеев Сайдулла	1925	металл эритүүчү
Умарова Махбүбү	1929	пахтачы, звеновой
Штумм Эльза Ивановна	1932	саанчы
Эшенова Салый	1921	тигүүчү
1963		
Крикотин Степан Павлович	1910	бургулоочу мастер

1	2	3
1965		
Айдарбеков Курманкул	1916	кызылчачы, звеновой
Климчук Трофим Степанович	1899—1972	колхоз председатели
Репетун Нина Ивановна	1927	кызылчачы, звеновой
Сулайманова Күлсайра	1930	кызылчачы, звеновой
1966		
Абдраимов Апсамат	1931	пахтачы, бригадир
Абдувалиев Муса	1929	шахтёр, бригадир
Абдукадыров Абдурашид	1919	колхоз председатели
Ажыкеев Эсенкан	1924	бургулоочу мастер
Ажыкулов Рыскул	1898	пахтачы, бригадир
Айткулова Айнек	1919	тигүүчү
Акназаров Корчубек	1923	партиялык кызматкер
Ананьев Константин Николаевич	1910—80	инженер-байланышчы
Атабаев Токтобай	1933	бургулоочу мастер
Атышов Боронбай	1930	тамеки өстүрүүчү
Глазенко Матрёна Аксентьевна	1916	музоо багуучу
Исаев Шарше	1938	чабан
Исманлов Татен	1928	чабан
Кадыров Касым	1925	шофёр
Качкымбаев Санкул	1927	жумушчу
Кочубаев Тойчу Тагаевич	1922—77	колхоз председатели
Кретинин Иван Терентьевич	1931	жумушчу
Курманов Карыпбай	1907	колхоз председатели
Курманбеков Жумабек	1929	чабан
Миталипов Мейман	1932	пахтачы, бригадир
Мукашева Кайыр	1938	чабан
Мундузбаева Жыргал	1935	саанчы
Нарынбеков Аскар	1927	жумушчу
Ногоева Саадат	1921	пахтачы, бригадир
Ормонова Гулбаара	1926	чабан
Осмонкулов Искендер	1907	чабан
Приставкин Николай Яковлевич	1922	колхоз председатели
Савкина Наталья Васильевна	1916	жумушчу
Санжаров Шаран	1932	чабан
Слюсарев Василий Яковлевич	1912	слесарь, бригадир
Сыдыков Шарип	1926	чабан
Турдубаева Бурулбүбү	1935	чабан
Узденова Мария	1928	саанчы
Улизко Василий Иванович	1920—80	колхоз председатели
Чернышев Евгений Фёдорович	1929	курулушчу, бригадир
Юматова Анна Тихоновна	1924	колхоз председатели
Юсупова Салтанатхан	1929	пахтачы, бригадир
1968		
Мамбеталиев Көкөбай	1913—76	мугалим
1969		
Захарьев Николай Ильич	1902—80	илимпоз
Рысмамбетова Умуткор	1932	врач
1970		
Жунушов Касымбек	1936	чабан
Сидоров Виктор Иванович	1930	өткөөлчү, бригадир
1971		
Абдылдаев Мамбет	1924	чабан
Абдышева Токтогул	1923	тигүүчү
Айдаров Ташбай	1919	чабан
Аманбаев Алдаберген	1927—75	чабан
Ванюков Семен Иванович	1917	учкуч
Камалов Асан	1929	зоотехник
Коханов Гений Алексеевич	1928	токарь
Лихолетов Георгий Антонович	1915	механизатор, бригадир
Маканов Орозбай	1931—77	жумушчу
Мамбеталиев Асан	1921	шофер
Макишев Үсөнбек	1929	ширетүүчү
Намазбеков Калыс	1933	чабан
Нуржанов Акматбек	1922	колхоз председатели
Рафикова Дилорам	1940	пахтачы, механик-айдоочу
Сармшаев Айдар	1924	жумушчу
Салибаев Макиш	1938	чабан
Слюсаренко Петр Трофимович	1928	куруучу, бригадир
Султанов Камал	1914	пахтачы, бригадир
Сунчалиева Алия Абдуллаевна	1926	токуучу
Тешебаев Ганар	1928	пахтачы, бригадир
Токолдошов Касымалы	1918—79	почточу
Туменов Намазалы	1927	куруучу, бригадир
Худайбердиев Ахмадали	1920	пахтачы, бригадир

1	2	3
Чмырь Петр Яковлевич	1925—76	кызылчачы, бригадир
Чыпыбаев Кудайберген	1930	шахтер, өткөөлчү
1972		
Амадалиев Маткалык	1926	пахтачы, бригадир
Машрапова Тургун	1928	пахтачы, бригадир
Айтбаев Базылбек	1926	чабан
Мамбетакунов Орозакун	1940	чабан
Маханько Владимир Николаевич	1938	жүгөрүчү, звеновой
Момбеков Юсуп	1926	колхоз председатели
Раковец Степан Семенович	1938	кызылчачы, звеновой
Шералиев Жоро	1916	пахтачы, бригадир
1974		
Алымбеков Накайбек	1934	жумушчу
Долбаев Асанбек	1928	жумушчу
Тойгонбаев Абдуван	1931	тамеки өстүрүүчү, бригадир
Токомбаев Аалы	1904	акын
1975		
Жумабаева Анакыз	1929	пахтачы, бригадир
1976		
Акматов Таштанбек	1938	чабан
Байсабаева Гулгаана	1930	түрмөкчү
Иванченко Раиса Васильевна	1940	саанчы
Мамбетов Мырзабек	1929	чабан
Серый Зосим Львович	1916—77	энергетик
1977		
Рослова Александра Егоровна	1926	курулушчу, бригадир
1978		
Абдраев Кутубай	1932	чабан
Айтматов Чыңгыз Торокулович	1928	жазуучу
Койчуманов Апыш	1923	мугалим
Сүйөркулов Шамшидин	1929	врач
1979		
Анчабаев Малик	1932	пахтачы, бригадир
1981		
Довгаль Татьяна Андреевна	1937	саанчы
Мамыров Аманкан	1944	жүгөрүчү, звеновой
Сыдыкова Мукен	1933	тигүүчү
Тынаев Жамаке	1933	чабан
1982		
Айтиев Ганар	1912	суротчу

Ад.: Жалпы эмгектер. Рыскулбеков М., Переход киргизов от кочевого к современному социалистическому хозяйству, М., 1960, 11 с.; Развитие народного хозяйства Киргизии, Фр., 1966, 566 с.; В. И. Ленин и развитие социалистической экономики Киргизии, Фр., 1970, 198 с.; Рост жизненного уровня трудящихся Киргизской ССР, Фр., 1973, 86 с.; Структура капитальных вложений в промышленность Киргизии, Фр., 1973, 84 с.; Киргизстан за 50 лет. Юбилейный статсборник, Фр., 1974, 328 с.; Социалистическая взаимопомощь и развитие экономики Киргизской ССР, Фр., 1975, 161 с.; Сейфулин Р. З., Темпы, пропорции и эффективность общественного производства в Киргизской ССР, Фр., 1976, 159 с.; Усубалиев Т., Верным курсом, Фр., 1976, 256 с.; Киргизстан за годы Советской власти, Фр., 1977, 216 с.; Проблемы воспроизводства в развитой социалистической экономике, Фр., 1977, 197 с.; Экономика Киргизии — составная часть народнохозяйственного комплекса СССР, Фр., 1977, 197 с.; Вопросы развития народного хозяйства Киргизии. Фр., 1978, 185 с.; Кумсков В. И, Современный уровень экономического развития Киргизской ССР и проблемы его повышения, Фр., 1979, 61 с.; Использование фонда потребления в Киргизской ССР, Фр., 1979, 120 с.; Народное хозяйство Киргизской ССР. Статистический ежегодник, Фр., 1979, 244 с.

Эл чарбасын башкаруу жана пландаштыруу. Из истории развития планирования народного хозяйства Киргизии (1918—1971 гг.). Сборник документов и материалов, Фр., 1973, 231 с.; О государственном пятилетнем плане развития народного хозяйства Киргизской ССР на 1976—80 гг. Закон Киргизской Советской Социалистической Республики. 1 декабря 1976 года. «Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР», 1976, № 23, с. 416—420; Бегалиев С., Пятилетка качества и эффективности, Фр., 1977, 196 с.; Мамытов К., Методы принятия решений по совершенствованию управления производством, Фр., 1977, 116 с.; Матин А. М., Эл чарбасын пландаштыруу жана натыйжалуулук, Фр., 1977, 68 б.; Исламов С. У., Пландаштыруунун өркүндөтүү жана өөндүрүштүн экономикалык өсүшү, Фр., 1978, 122 б.; Бегалиев С., Кыргызстан өлкөнүн бирдиктүү эл чарба комплексинде, «Коммунист», 1982, № 3, 22—28-б.

Экономикалык райондоштуруу. Проблемы развития и размещения производительных сил Киргизской ССР. Экономическое районирование Киргизской ССР, Фр., 1976, 219 с.; Селихова О. Р., Региональные особенности экономического развития Киргизии, Фр., 1976, 85 с.; Фомина Л. А.,

Формирование и развитие городских поселений Киргизской ССР. Фр., 1978, 76 с.; Молдустанов Т., Межреспубликанские связи и формирование народнохозяйственных комплексов в Киргизии. Фр., 1979, 104 с.; Оторбаев К. О., Территориальная структура народного хозяйства Киргизской ССР, в кн.: Региональный экономико-географический анализ и прогнозирование, Фр., 1980, с. 66—82.

Өнөр жайы. Малабеков Т., Развитие социалистической индустрии Киргизии, Фр., 1972, 36 с.; Молдокулов А., Экономические проблемы развития и повышения эффективности промышленного производства, Фр., 1973, 228 с.; Кошоев Э., Капиталдык салым жана Кыргызстандын өнөр жайынын мезгилдүү тармактарынын өзгочолугу, Фр., 1974, 98 б.; Сыдыков К., Жаңы реформа жана өнөр жай ишканаларынын рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жолдору, Фр., 1975, 300 б.; Чыймылова Б. Д., История развития социалистического соревнования в промышленности Киргизии, Фр., 1977, 296 с.; Повышение эффективности производства в промышленности Киргизской ССР, Фр., 1978, 74 с.; Термечиков А. Дж., Прогнозирование развития промышленности в Киргизии, Фр., 1978, 71 с.; Резервы использования производственных мощностей в промышленности Киргизской ССР, Фр., 1979, 81 с.; Тезисы докладов научной конференции молодых ученых Института экономики АН Киргизской ССР «Совершенствование хозяйственного механизма и повышение эффективности производства», Фр., 1980, 168 с.

Машина куруу жана металл иштетүү. Термечиков А. (ж. б.), Кыргызстандын машина куруу өнөр жайынын экономикалык байланыштары, Фр., 1971, 92 б.; Никитинский В. В., Повышение класса точности станочных приспособлений и технологической оснастки в металлообработке Киргизии, Фр., 1971, 62 с.; Арвазов Н.; Экономическая эффективность специализированного ремонта техники, Фр., 1974, 52 с.; Алымкулов А., Повышение эффективности использования материальных ресурсов в машиностроении Киргизской ССР, Фр., 1977, 51 с.; Федотов В. Е., Электроэрозионный способ обработки деталей технологической оснастки, Фр., 1977, 68 с.; Повышение технического уровня и качества выпускаемой продукции на машиностроительных предприятиях, Фр., 1978, 36 с.

Курулуш материалдар өнөр жайы. Аминов Ш., Проблемы размещения производства строительных материалов Средней Азии, Душанбе, 1973, 212 с.; Колесников Д. И., Рогач П. Д., Существующий уровень и перспективы развития основных отраслей промышленности строительных материалов Киргизской ССР, Фр., 1973, 35 с.; Мусаев С., Окенов Ш., Состояние и пути повышения рентабельности производства строительных материалов в Киргизской ССР, Фр., 1976, 43 с.; Тезисы докладов республиканской научно-технической конференции «Повышение качества сборного и монолитного железобетона», Фр., 1978, 108 с.

Тоо-кен өнөр жайы. Доолоталиев С., Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайындагы техникалык прогресс Фр., 1972, 96 б.; Добыча полезных ископаемых и усреднение руд на карьерах Киргизии, Фр., 1975, 84 с.; Механизация проведения выработок малого сечения, Фр., 1978, 154 с.; Горное давление, методы управления и контроля, Фр., 1979, 428 с.; Технология открытой разработки полезных ископаемых, Фр., 1979, 164 с.

Отун өнөр жайы. Абдурахманов И., Угольная промышленность Киргизии, Фр., 1970, 72 с.; Новые данные по геологии и нефтегазоносности Киргизии, Фр., 1975, 128 с.

Электр энергетика. Гришков И. Г., Электрификация Советского Киргизстана, Фр., 1965, 124 с.; Курманбаева Р., Осуществление ленинских идей электрификации в Киргизии, Фр., 1969, 100 с.; Осуществление ленинского плана электрификации в Киргизии. Сборник документов, Фр., ч. 1, 1970, ч. 2, 1971; Иманалиев М., Киргизстандын энергетикалык ресурстары, Фр., 1970, 95 б.; его же, По пути ГОЭЛРО, Фр., 1974, 132 с.; Особенности развития высокогорной энергетики Киргизии. Сборник научных трудов Фрунзенского политехнического института. Фр., 1980, 112 с.

Гидроэнергетика. Большаков М. Н., Шпак В. Г., Водноэнергетические ресурсы Киргизской ССР. Фр., 1960, 254 с.; Маматканов Д., Башган А. П., Аманалиев Н., Гидроэнергетика Советского Киргизстана. Фр., 1976, 104 с. Ормушев А. С., Кунин А. И., Нарын каскадынын оттору, Фр., 1981, 51 б.

Жергилитүү өнөр жайы. Бойко А. В., Технико-экономические показатели работы предприятий местной промышленности Киргизской ССР, Фр., 1969, 50 с.; Юдин Г. Е., Вопросы развития местной промышленности Киргизии, Фр., 1969, 84 с.; Резервы повышения эффективности производства в отраслях местной промышленности Киргизской ССР в новых условиях хозяйствования, Фр., 1972, 26 с.; Механизация производственных процессов на предприятиях местной промышленности Киргизской ССР, Фр., 1974, 23 с.; Резервы использования производственных мощностей предприятий местной промышленности Киргизии, Фр., 1979, 91 с.

Жеңил өнөр жайы. Научная организация труда на предприятиях легкой промышленности Киргизской ССР, Фр., 1973, 32 с.; Сатаров К., Флейман Д. З., Пути повышения эффективности основных производственных фондов легкой промышленности Киргизии, Фр., 1976, 31 с.; Сатаров К., Кувандыков Ф. Г., Флагманы легкой промышленности Киргизии. Фр., 1977, 56 с.; Молдустанов Т., Шабаева Р., Кыргызстандын өнөр жайынын продукциясынын өнүгүшү жана керектөөнүн өсүшү, Фр., 1981, 106 б.

Тамак-аш өнөр жайы. Корчубеков С., Развитие производственно-технической базы пищевой промышленности, Фр., 1971, 78 с.; Механизация и автоматизация производственных процессов на предприятиях пищевой промышленности Киргизии, Фр., 1971, 27 с.; Турсунов С., Мясная и молочная промышленность Киргизской ССР, М., 1974, 32 с.; Аденов Т., Воспроизводство и использование основных фондов в пищевой промышленности Киргизии, Фр., 1976, 96 с.; Усманов Р. Б., Пищевая промышленность Киргизской ССР. Итоги и перспективы, Фр., 1976, 55 с.; Степаненко П. Д., Системно-целевой подход в планировании и управлении свеклосахарным производством, Фр., 1977, 129 с.; Сыдыков К. Р., Султангазиева М. Б., Кыргызстандын тамак-аш өнөр жай өндүрүштүк бирикмелеринин экономикалык натыйжалуулугу, к-нте: Өндүрүштүк бирикмелерди адистештирүүнүн натыйжалуулугу, Фр., 1980, 35—47 б.

Айыл чарбасы. Ахмедшин Н. М., Методика анализа использования трудовых ресурсов и составления балансов труда в колхозах и совхозах, Фр., 1971, 219 с.; Дуйшеналиев Т., Победа ленинского плана социалистического преобразования сельского хозяйства Киргизии, Фр., 1971, 254 с.; Ибрамков И., Завершение социалистического преобразования сельского хозяйства в Киргизии, Фр., 1972, 11 с.; Лайлиев Д. С., Производительность труда и рентабельность производства в сельском хозяйстве Киргизской ССР. Фр., 1973, 145 с.; Аграрно-промышленные комплексы Киргизии, Фр., 1976, 156 с.; Актуальные проблемы развития сельского хозяйства Киргизии, Фр., 1974, 99 с.; Киргизстан за 50 лет. Юбилейный статсборник, Фр., 1974, 328 с.; Технический прогресс и производительность труда в сельском хозяйстве Киргизии, Фр., 1975, 262 с.; Усубалиев Т., Верным курсом, Фр., 1976, 256 с.; Киргизстан за годы Советской власти, Фр., 1977, 216 с.; Балбаков М., Сельскохозяйственное производство и научно-технический прогресс, Фр., 1978, 144 с.; Вопросы экономики и организации сельскохозяйственного производства, Фр., 1978, 100 с.; Развитие специализации, концентрации и межхозяйственной кооперации в Киргизской ССР, Фр., 1978, 355 с.; Тезисы докладов республиканской научно-производственной конференции молодых ученых и специалистов, работающих в области сельского хозяйства, посвященной 60-летию ВЛКСМ, Фр., 1978, 187 с.; Народное хозяйство Киргизской ССР. Статистический ежегодник, Фр., 1979, 244 с.; Касымкулов К., АСУ в снабжении сельского хозяйства, Фр., 1979, 104 с.; Муратбеков А., Идинов К., Научно-технический прогресс и эффективность сельскохозяйственного производства Киргизии, Фр., 1979, 116 с.; Матюхин И. Т., Экономические проблемы сельского хозяйства Киргизии в условиях развитого социализма, Фр., 1980, 76 с.; Орубаев А. У., Мусаева Д. А., Экономические проблемы межхозяйственной кооперации и агропромышленной интеграции, Фр., 1980, 96 с.; Сапалов Э. Б., Кыргызстанда айыл чарба эсебинин комплекстүү механизацияланышы, Фр., 1981, 48 б.

Кой жана эчки чарбасы. Дружеников Г. И., Друженикова Е. С., Тяньшанские полутонкорунные овцы, Фр., 1964, 90 с.; Ботбаев И., Альмеев И., Калилов Т., Породное преобразование козоводства в Киргизии. Труды Киргизского научно-исследовательского института животноводства и ветеринарии, Фр., 1974, вып. 23, с. 73—77; Лущихин М. Н., Кыргызстандын уяң жүндүү кой чарбасы, Фр., 1965, 246 б.; его же, Племенная работа с киргизской тонкорунной породой овец, Фр., 1975, 157 с.; Горное овцеводство Киргизии и перспективы его развития, Фр., 1976, 214 с.; Караталов Ө., Сандыбаев К., Кой чарба продукциясынын өздүк наркын арзандатуунун жолдору, Фр., 1979, 60 б.; Турсунов С., Садыков Р., Совершенствование организации овцеводства в Киргизии, Фр., 1980, 82 с.

Үй чарбасы. Дүйшеев Ө., Ала-тоо тукумундагы үйлар жана аны өркүндөтүү, Фр., 1972, 108 б.; Резервы увеличения производства мяса в Киргизии, Фр., 1973, 183 с.; Пути увеличения производства молока в Киргизии, Фр., 1974, 156 с.; Сулейманов Б., Чистый доход отраслей животноводства и факторы его роста, Фр., 1975, 129 с.; Вопросы кормления и разведения сельскохозяйственных животных, Фр., 1977, 81 с.; Прогноз развития животноводства Киргизской ССР на перспективу, Фр., 1977, 140 с.; Развитие животноводства горной Киргизии, Фр., 1977, 36 с.; Валуйская Р. Т., Полноценное питание крупного рогатого скота и его продуктивность, Фр., 1980, 60 с.; Нгуен К., Ваккер Я., Кыдырмаев А., Сүт өндүрүүнү ургаалдаштыруунун натыйжалуулугу, Фр., 1981, 70 б.

Топоз чарбасы. Указания по племенной работе в яководстве и бонитировке яков в хозяйствах Киргизской ССР, Фр., 1972, 22 с.; Абдыкеримов А., Эт проблемасы жана топоз өстүрүү чарбачылыгы, Фр., 1974, 70 б.; Сарбагишев Б., Черткиев Ш., Яководство Киргизской ССР, Фр., 1977, 12 с.; Рекомендации по разведению и технологии содержания яков в Киргизской ССР, Фр., 1979, 16 с.; Кыргызстанда топоз өстүрүү жана багуу технологиясы боюнча сунуштар, Фр., 1981, 16 б.

Жылкы чарбасы. Макаров С. М., Из истории создания новокиргизской лошади в Приссыккулье, Фр., 1962, 48 с.; Абдымаликов К., Кыргызстандын жылкы чарбасы, Фр., 1968, 112 б.; Пути повышения продуктивности лошадей при улучшенно-табунном содержании, Фр., 1974, 10 с.; Труды Киргизского научно-исследовательского института животноводства и ветеринарии. 1974, вып. 23, с. 62—68; Тюлегенов Д., Новокиргизская порода лошадей, Фр., 1977, 12 с.; Тюлегенов Д., Левенко В. Г., Омурбаков С., Породное преобразование лошадей в Киргизской ССР, Фр., 1977, 14 с.; Кыргызстандын тулпарлары, Фр., 1980, 38 б.

Чочко чарбасы. Нольхин А., Чочкону бордоодогу комплекстүү звено, Фр., 1962, 28 б.; Ибраимов А., Производство свинины — на промышленную основу, Фр., 1971, 63 с.; Одынец Р. П., Нормы минеральных веществ для свиней, Фр., 1973, 18 с.; Нагавицына М. И., Фаритов Т. А., Разведение, кормление и содержание свиней, Фр., 1974, 14 с.; Нагавицына М. И., Развитие свиноводства и пути интенсификации его в Киргизии. Труды Киргизского научно-производственного объединения по животноводству, Фр., 1978, вып. 28, с. 63—68.

Куш чарбасы. Каниметов А., Эт багытындагы бакма канаттууларды өстүрүү, Фр., 1969, 106 б.; Пути повышения продуктивности яйценоских кур в Киргизии, Фр., 1973, 76 с.; Разведение и кормление сельскохозяйственной птицы, Фр., 1974, 17 с.; Важнейший источник увеличения производства мяса, Фр., 1978, 11 с.; Каниметов А., Пути повышения продуктивности птицы на промышленной основе, Фр., 1979, 172 с.; Ашырбекова Р., Тажрыйба болушобуз, Фр., 1980, 48 б.

Аары чарбасы. Караваева Р. П., Новиков В. Ф., Яковлев В. Г., Пчеловодство Киргизии и перспективы его развития, Фр., 1967, 117 с.; Мартынов И., Балды коп алуунун тажрыйбалары, Фр., 1969, 64 б.; Вечеркина Л. Г., Болезни пчел Киргизии и меры борьбы с ними, Фр., 1971, 64 с.; Садыбакасов К. А., Переверзева М. И., Резервы интенсивного развития пчеловодства в Киргизии, Фр., 1979, 28 с.

Балык чарбасы. Турдаков А. Ф., Никитин А. А., Инкубация икры и подращивание личинок севанских сигов, Фр., 1972, 36 с.; Никитин А. А., Акклиматизация и искусственное воспроизводство сиговых рыб в водоемах Киргизии, Фр., 1976, 122 с.; Конурбаев А., Турдаков А. Ф., Биотехника разведения иссыккульской форели-гегаркуни, Фр., 1979, 72 с.; Иманов Ж., Киргизстандын балык чарбасы, Фр., 1980, 80 б.; ошонуку, Кыргызстандын балык байлыктарын коргоо жана көбөйтүү, Фр., 1981, 56 б.

Чабындылар жана жайыттар. Материалы научно-производственной конференции по проблемам использования, улучшения и интенсификации пастбищ и сенокосов Киргизии, Фр., 1972, 103 с.; Калилов Т., Кыргызстандын мал жайыттары жана аны рационалдуу пайдалануу, Фр., 1973, 52 б.; Цихатов В. М., Горные пастбища, их использование улучшение, Фр., 1974, 132 с.; Исаков К., Пастбища и сенокосы Киргизской ССР, Фр., 1975, 345 с.; Справочник по урожайности пастбищ и сенокосов Киргизской ССР, Фр., 1975, 396 с.; Цеканов А. С., Экономико-биологические основы улучшения пастбищ высокогорий Внутреннего Тянь-Шаня, Фр., 1979, 232 с.; Ишенов Х. И., Бийик тоолордогу себилме чөп чабындылар, Фр., 1980, 44 б.

Тоют өсүмдүктөрү. Зонштейн Л. Я., Семеноводство многолетних трав в Киргизии, Фр., 1967, 228 с.; Балли Г. А., Жылтыркан жайыттарды жакшыртууда баалуу тоют өсүмдүгү, Фр., 1970, 88 б.; Романдина М. Д., Скляр В. Н., Районированные сорта многолетних злаковых трав в Киргизии, Фр., 1975, 32 с.; Захарьев Н. И., Научные основы повышения качества растительных кормов, в кн.: Славный юбилей отечественной науки, Фр., 1976 с. 86—107.; Балли Г. А., Кормовые растения Киргизии и их возделывание при освоении пустынь, полупустынь и степей, Фр., 1978, 111 с.; Возделывание люцерны на фураж и семена, Фр., 1981, 75 с.

Пахтачылык. Володин В. П., Киргызстандын пахта өгүүчү колхоздорунун экономикасын оңуктүрүүдөгү кээ бир маселелер, Фр., 1962, 44 б.; Султанов Ж., Пахта чарбанын негизги тармагы, Фр., 1968, 80 б.; Операционная технология (правила производства) возделывания хлопчатника в условиях предгорных районов Ферганской долины Киргизской ССР, М., 1974, 111 с.; Синельников Ю. И., Система земледелия в хлопковых районах Киргизии, Фр., 1975, 204 с.

Кызылчачылык. Акималиев Ж., Кыргызстандын кант кызылчасы, Фр., 1970, 111 б.; Белай Г. С., Общественный труд в свеклосеющих колхозах Киргизии, Фр., 1974, 73 с.; Акималиев Дж., Сахаристость свеклы в Киргизии, Фр., 1975, 68 с.; Физико-биологические особенности сахарной свеклы в условиях Киргизии, Фр., 1977, 142 с.; Печенов В. А., Биологические основы высокой продуктивности сахарной свеклы при орошении, Фр., 1979, 224 с.

Картошка чарбасы. Бизина Г. С., Картошкадан мол түшүм алуунун негиздери, Фр., 1965, 75 б.; Каратыш А. Г., Комплексная механизация возделывания и уборки картофеля, Фр., 1967, 94 с.; Султанов А., Агротехника — картошкага түшүм кошот, Фр., 1968, 29 б.; Агротехнические рекомендации по возделыванию картофеля в Киргизской ССР, Фр., 1970, 60 с.; Самсонов П. Я., Табалдиев Р., Экономика производства картофеля в Киргизии. Вопросы экономики земледелия, 1973, вып. 11, с. 123—140.

Тамекичилик. Рекомендации по возделыванию табака в Киргизской ССР, Фр., 1964, 98 с.; Деркембаев К. А., Кыргызстандын тамеки чарбасынын экономикасы, Фр., 1965, 72 б.; Евтушенко Г. А., Опыт применения и рекомендации по производственному испытанию химического вершкования и пасынкования табака, Фр., 1966, 24 с.; Жолдошев К., Түштүк Кыргызстанда тамеки өндүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу, Фр., 1976, 121 б.; Витовецкий М. М., Табаководство Киргизии, Фр., 1978, 81 с.

Жашылчачылык. Состояние и перспективы улучшения качества растительного сырья, выращиваемого в Киргизии, Фр., 1973, 140 с.; Основы овощеводства Киргизии, Фр., 1975, 151 с.; Рекомендация по агротехнике выращивания рассады овощных культур, Фр., 1976, 23 с.

Багбанчылык жана жүзүмчүлүк. Никитинский Ю. И., Биологические и экологические основы хозяйства в лесах грецкого ореха, Фр., 1970, 210 с.; Основы плодоводства Киргизстана, Фр., 1971, 49 с.; Приусадебный сад и огород, Фр., 1971, 222 с.; Аракельян У. Г., Вопросы интенсификации садоводства в Киргизии. Труды КирНИИЗ, вып. 10, Фр., 1972, с. 67—74; Казиева С. С., Боркум В. З., Состояние и перспективы развития садоводства в Киргизии, Фр., 1976, 49 с.

Жибекчилик. Чертков С. И., Тучкова Т. Г., Состояние шелководства в Киргизии. Труды Киргизской опытной станции по хлопководству, 1977, вып. 2, с. 51—54; Гафуров Т., Ударный труд ошских шелководов. Сельское хозяйство Киргизии, 1978, № 10, с. 15—16; Бороскова В. П., Тучкова Т. Г., Гребещенко Р. С., Выведение высокопродуктивных пород тутового шелкопряда, приспособленных к условиям Ошской области. Труды Киргизского научно-производственного объединения по земледелию, 1980, вып. 17, с. 145—153.

Дан чарбасы. Сыдыгалиев Б., Кыргыз ССРинин колхоздорунда дан өндүрүүнү көбөйтүүнүн резервдери, Фр., 1974, 98 б.; Абдраманов С., Увеличение производства герна — ключевая проблема развития сельского хозяйства, в кн. Верным курсом, Фр., 1976, с. 165—171; Лукинов В. Г., Мулкубатов Т., На контроле — увеличение производства верна, Фр., 1978, 46 с.; Ибраимов Н. [ж. б.], Тоолуу райондордо дан өгөндиерин өстүрүүнүн алдыңкы ыкмалары, Фр., 1978, 40 б.; Вопросы агрономии, Фр., 1977, 194 с.; 1979, 165 с.

Төкөй чарбасы. Пасечник С. Т., Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын коргоо жана өнүктүрүү үчүн, 1968, 167 б.; Ган П. А., Экологические основы интродукции и лесоразведения в поясе еловых лесов Тянь-Шаня, Фр., 1970, 312 с.; Лесоразведение на богарных и поливных землях Киргизии, Фр., 1970, 83 с.; Материалы совещания по проблеме восстановления и развития арчовых лесов Средней Азии, Фр., 1972, 181 с.; Культура лесных пород в Киргизии, Фр., 1973, 96 с.; Защитное лесоразведение в Киргизии, Фр., 1977, 88 с.; Мухамедшин К. Д., Арчевники Тянь-Шаня и их лесохозяйственное значение, Фр., 1977, 185 с.; Жусупов М., Кечербаев А., Жашыл байлык, Фр., 1979, 23 б.; Повышение продуктивности орехо-плодовых лесов Южной Киргизии, Фр., 1980, 120 с.; Чуб А. В., Лесные культуры арчи на склонах Алайского хребта, Фр., 1980, 148 с.

Өсүмдүк коргоо. Грибные болезни сельскохозяйственных культур в Киргизии, Фр., 1966, 112 с.; Биологические основы борьбы с вредными грызунами, Фр., 1968, 241 с.; Шпота Л. А., Хлороз растений в Чуйской долине и борьба с ним, Фр., 1968, 136 с.; Вредители сельскохозяйственных культур Киргизии, Фр., 1970, 203 с.; Шихотов В. М., Борьба против сорной растительности на пастбищных угодьях, Фр., 1976, 98 с.; Интродукция древесных растений в Северную Киргизию, Фр., 1978, 305 с.

Айыл чарба өндүрүшүн механикалаштыруу жана электрлештирүү. Панкратов Н. А., Кыргызстанда койду суугаруучу колдонулуучу механизациялаштырылган установкалар, Фр., 1968, 52 б.; Касымбеков А., Трактор паркын пайдалануунун экономикалык эффективдүүлүгү, Фр., 1969, 49 б.; Клоков Н. И., Мобильные корморазда точники, Фр., 1970, 112 с.; Любимцев Б. А., Электродвигатели в сельском хозяйстве, Фр., 1970, 84 с.; Кенебаев Ж., Жайыттарды өздөштүрүүдө жана тоют даярдоодо машина — мал чарба станцияларынын ролу, Фр., 1972, 68 б.; Давлешов Ж., Машина-трактордук парк жана айыл чарба өндүрүшү, Фр., 1973, 122 б.; Исаев А. С., Механизация животноводческих ферм и производства кормов в Киргизии, Фр., 1975, 163 с.; Механизация работ в полеводстве и животноводстве, Фр., 1975, 114 с.; Токомбаев К., Особенности рационального использования электроэнергии и оптимизации энергоснабжения труднодоступных сельских районов, Фр., 1976, 112 с.; Механизация растениеводства, Фр., 1977, 227 с.; Вопросы механизации сельскохозяйственного производства, Фр., 1978, 102 с.; Чижков Ю. П., Пусковые устройства автомобильных и тракторных двигателей, Фр., 1979, 140 с.

Мелиорация жана суу чарбасы. Шавва К. И., Определение оптимальных параметров водохозяйственных объектов и рациональных схем использования водных ресурсов, Фр., 1972, 251 с.; Жайчыбаев Ж., Кыргызстандын суугат жерлеринин өнүгүшү, Фр., 1974, 79 б.; Бочкарев Я. В., Климов Е. Г., Стабилизация расходов на ирригационных параболических лотках, Фр., 1975, 84 с.; Вопросы автоматизации оросительных систем и технология орошения, Фр., 1976, 148 с.; Мелиорация. Водный баланс, Фр.,

1976, 152 с.; Технические средства автоматизации орошения, Фр., 1977, 212 с.; Вопросы комплексной автоматизации мелиоративных систем, Фр., 1979, 143 с.; Суюмбаев Дж., Автоматизация и урожай, Фр., 1979, 68 с.

Курулуш өнөр жайы. Керцер Б. А., Строить быстро, строить качественно, Фр., 1973, 49 с.; Кудзиев М. Д., Эффективность сокращения сроков строительства и освоения проектных мощностей, Фр., 1974, 116 с.; Абдурахманов И., Развитие капитального строительства в Киргизии, Фр., 1976, 69 с.; Брюханов Н. Ф., Состояние производительности труда в строительстве Киргизии и пути повышения её роста, Фр., 1976, 52 с.; Барпыбеков А., Курулуш-монтаждоо уюмдарынын өндүрүштүк кубаттуулугун пайдаланууну натыйжалуулугу, Фр., 1977, 60 б.; Тезисы докладов 1 республиканской конференции молодых ученых и специалистов Киргизии в области строительства и архитектуры «Молодёжь в борьбе за научно-технический прогресс», Фр., 1978, 212 с.; Юлдашева И. А., Барпыбеков А., Пути повышения эффективности строительства в Киргизии, Фр., 1979, 80 с.; Келлер Ю. А., Агдиева Р. Г., Кыргызстандын курулуштарында бригадалык чарба эсебин уюштируу, Фр., 1980, 73 б.; Советтик Кыргызстандын айылдарынын жаңы көрүнүшү, Фр., 1980, 100 б.

Коммуналык чарба. Курилов А. П., Соловьев Н. Ф., Состояние и пути улучшения эксплуатации жилищного фонда Киргизской ССР, Фр., 1969, 47 с.; Беримкулов Д., Технический прогресс в коммунальном хозяйстве Киргизской ССР, Фр., 1974, 4 с.; Ассортимент деревьев и кустарников для озеленения Киргизии, Фр., 1976, 68 с.; Сады, скверы и парки города Фрунзе, Фр., 1979, 88 с.; Сартбаев М., Воде — вторую жизнь, Фр., 1979, 9 с.; Жунушева К., Турмуш-тиричиликти тейлөөнү жакшыртуунун социалдык-экономикалык натыйжалары, «Коммунист», 1981, № 11, 29—33 б.

Транспорт. Загулов Дж., Эффективность использования основных производственных фондов автомобильного транспорта Киргизской ССР, Фр., 1973, 186 с.; Колядено Б. П., Булатович Н. П., Совершенствование системы управления автомобильным транспортом Киргизии в условиях функционирования отраслей АСУ, Фр., 1975, 48 с.; Орозалиев К., Перспективы развития, размещения и совершенствования организации автомобильного транспорта в Киргизской ССР, Фр., 1977, 46 с.; Техническое диагностирование автомобилей, Фр., 1978, 164 с.; Эффективность эксплуатации автомобилей в высокогорных и высокотемпературных условиях, Фр., 1979, 106 с.; Абдраимов И., Стальные птицы над Ала-Тоо, Фр., 1980, 92 с.; Тезисы докладов научной конференции молодых ученых Института экономики АН Киргизской ССР «Совершенствование хозяйственного механизма и повышение эффективности производства», Фр., 1980, 168 с.; Юшкова Л., Акенеева Т., Кыргызстандын транспорттук-экономикалык байланыштары, «Коммунист», 1982, № 1, 72—78 б.

Байланыш. Автоматизация средств связи Киргизской ССР в свете решений XXIV съезда КПСС, Фр., 1971, 39 с.; Исманкулов О., Связь на службе народного хозяйства и населения Киргизии, Фр., 1973, 24 с.; Исследование вопросов эффективности системы прямых телеграфных соединений в Киргизии и перспективы ее развития, Фр., 1974, 57 с.; Садыков Э., Байланыш каражаттарынын өнүгүшү, «Коммунист», 1982, № 2, 31—36 б.


Соода жана коомдук тамактануу. Сырдыбаев В., Тейлөө тармагында өмгөктүн натыйжалуулугун жогорулатуу, Фр., 1974, 75 б.; Вопросы исследования рынка, предметов потребления и конъюнктуры торговли, Фр., 1974, 103 с.; Маматкеримов Р., Материально-техническая база — основа развития общественного питания, Фр., 1974, 72 с.; Чалбаев К., Торговля и народное благосостояние в условиях социализма, Фр., 1979, 212 с.; его же, Проблемы развития и планирования материальной базы торговли республики, Фр., 1978, 50 с.; Планирование и эффективность использования материально-технической базы государственной торговли, Фр., 1978, 185 с.; Актанова А. Т., К вопросу о зависимостях характера и формы обслуживания сельского населения Киргизии в различных типах расселения. Труды молодых ученых, 1974, вып. 3, с. 90—97; её же, Современная география развития бытового обслуживания сельского населения Киргизской ССР. Труды молодых ученых, 1974, вып. 3, с. 102—105; Мырзабаева Г., Сфера обслуживания и проблемы ее развития в сельской местности, в кн.: Проблемы географии Киргизии, Фр., 1975, с. 247—249; Совершенствование организации производства одежды на предприятиях службы быта, Фр., 1978, 63 с.

Финансы жана кредит. Токтоналиев А., Государственный бюджет на службе экономики и культуры Киргизии, Фр., 1972, 214 с.; его же, Местные бюджеты Киргизии, Фр., 1976, 128 с.; его же, Государственный бюджет Киргизской ССР, М., 1978, 94 с.; Набитаев У., Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө акчанын маанисн, Фр., 1977, 40 б.; Совершенствование финансово-кредитных рычагов в повышении эффективности общественного производства, Фр., 1979, 182 с.

Эмгек жана эмгек ресурстары. Население и трудовые ресурсы Киргизской ССР, Фр., 1965, 120 с.; Чернова Е. П., Трудовые ресурсы промышленности Киргизии, Фр., 1970, 270 с.; её же, Рост народонаселения и трудовые ресурсы, Фр., 1975, 151 с.; её же, Рост эффективности производства и улучшение качества работы, Фр., 1978, 60 с.; Лебедева Л. И., Труд рабочей молодежи в народном хозяйстве Киргизии, Фр., 1977, 64 с.; Бекходжаева С., Социально-экономические проблемы труда женщин в Киргизской ССР, Фр., 1978, 186 с.; Байбаков Б., Социалистик мелдештик жаңы кулач жайышы, Фр., 1981, 59 б.

Элдин материалдык жыргалчылыгы. Рост жизненного уровня трудящихся Киргизской ССР, Фр., 1973, 86 с.; Юдин Г. Е., Рост благосостояния народа — высшая цель экономической политики партии, Фр., 1974, 131 с.; Жыргалбеков Т., Калктын турмуш жыргалчылыгынын жогорулашы жана Кыргызстандын кыштактарындагы өзгөрүштөр, Фр., 1975, 92 б.; Исаев К., Социальные проблемы деревни, Фр., 1976, 148 с.; Литуновская М. К., Чотонов У., Неуклонный рост благосостояния трудящихся, Фр., 1976, 107 с.; Молдокулов А., Региональные проблемы сравнивания уровней жизни городского и сельского населения. Фр., 1978, 105 с.; Өсоров А., Келечекке умтулуу, Фр., 1979, 138 б.; Бактыгулов Дж. С., Во имя народного благосостояния, Фр., 1982, 186 с.

САЛАМАТТЫК САКТОО



«Тез жардам» станциясында.

Кыргызстанда 1913-ж. 78 орундуу 4 шаардык (Пишпек, Токмок, Каракол ж-а Ошто), 22 орундуу 2 айылдык ооруканa, о. эле боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар үчүн 12 орун (врачтык ж-а акушерлик) болгон. Алты ооруканада 21 врач иштеп, 6 врачтык участка (4 шаардык, 2 айылдык), 21 фельдшердик пункт болгон. Бир оорукана орто эсеп м-н 144 миң адамды тейлеп, бир врачка 41,1 миң киши туура келген. Граждандык калкты 5 аптека тейлеген. Бардык медициналык мекемелер падышалык чиновниктерди, бай-манаптарды тейлеген. Падышалык бийликтин калктын саламаттыгын сактоо ж-догу камкордугу эпидемиянын жайылып кетишине каршы карантиндик-полициялык иштер м-н гана чектелген. Совет бийлиги жеңгенден кийин эмгекчилер депутаттарынын уезддик Советтерине ж-а алардын аткаруу комитеттерине караштуу саламаттык сактоо комиссариаттары (уезддик аткаруу комитеттеринин саламаттык сактоо бөлүмдөрү) түзүлгөн. Кийин Кыргызстандагы медицина ж-а ветеринария кызматы респ-канын Саламаттык сактоо эл комиссариатынын карамагына өткөн.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Түркстан респ-касынын (а. и. Кыргызстандын) аймагында холера м-н баш келте эпидемиясы абдан коркунучтуу болгон. Эпидемияга каршы чечкиндүү күрөш 1920—21-ж. башталган. 1920-жылдын аягында Ош, Пишпек ж-а Каракол, Нарын уезддеринде эпидемияга каршы атайын комиссиялар түзүлүп, аскер болүктөрүн, Кытайга качып барып келгендерди дарылоо-профилактика иштери жүргүзүлө баштаган. Эл чарбасын калыбына келтирүү мезгилинде холера м-н баш келтенин эпидемиясы негизинен жок кылынса да, айрым жерлерде эпидемиялык оорулар чыгып турган. Саламаттык сактоо органдарынын алдында өткөн жылдардагы эпидемиялык ооруларды кесепетинен арылуу, респ-канын медицина-санитариялык мекемелерин чыңдоо, о. эле безгек, тери-венера ооруларына каршы күрөшүү милдети турган. Кара-Кыргыз обл. саламаттык сактоо бөлүмү уюшулган кезде (1924-ж. дек.) дарылоо-профилактика мекемелеринде 75 врач, 122 орто билимдүү медициналык кызматкер иштеп, 4 шаардык (150 орундуу) ж-а 4 айылдык (32 орундуу) ооруканa болгон.

1925-жылдан адистештирилген медициналык жардам көрсөтүү өнүгө баштаган. 1925-ж. Фрунзеде биринчи төрөт үйү (20 орундуу) ж-а балдар консультациясы ачылган. Шаардык ар бир амбулаторияда тиш дарылоо кабинеттери уюштурулган. 1923-ж. Пишпекте венерологиялык амбулатория ачылып, 1925-ж. ал венерологиялык диспансерге айландырылган. Өтмөл кезде Токмок шаары м-н Кочкор кыштагында венерологиялык пункттар түзүлгөн. Респ-канын Советтеринин 1-уюмдаштыруу съездинде (1927-ж., 6-март) башка эл комиссариаттары м-н бирге Кыргыз АССР саламаттык сактоо эл комиссариаты уюшулган. Ооруканa, дарылоо-профилактика мекемелерин куруу кулач жайып, көчмө медициналык мекемелердин тармактары түзүлүп, жаңы ооруканa, амбулатория ж-а фельдшердик пункттар курулган. 1927—29-ж. гана Фрунзеде хирургия бөлүмү, жугуштуу оорулар үчүн барак, амбулатория, Пржевальскиде шаардык оорукананын хирургия бөлүмү, Быстровка, Түп, Тоңдо райондук, Тамга участкалык ооруканалары, Ысык-Көл зонасында Покровка врач-амбулаториялык участка, Жумгал врачтык участкасы (амбулаториясы м-н), Кочкор, Баткен, Өзгөн ооруканалары, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад шаардык, Базар-Коргон айылдык амбулаториялары ж. б. курулган.

1928-ж. Фрунзеде биринчи медициналык мектеп (техникум) ачылып, ал орто билимдүү медициналык кызматкерлерди даярдай баштайт. 1935-жылдын аягында стационардык мекемелердин саны 1926-жылга салыштырганда 4 эсе, андагы орундар 5, амбулатория-поликлиникалык мекемелердин саны 8,6, фельдшердик ж-а фельдшер-акушерлик пункттар 6,3, аптекалар 4,5 эсе көбөйгөн. 1935-жылдан Кыргызстанда туберкулёз, трахома, котон жара ж. б. тери-венера ооруларына каршы врачтык көчмө отряддар иштеп, санитария ж-а эпидемиологиялык иштер жакшыра баштаган. 1938-ж. санитария-бактериология ин-ту ачылган. 1940-жылда респ-када саламаттык сактоонун бардык негизги тармактары: дарылоо-профилактикалык, аптека, санитария-эпидемиология кызматы, сот-медициналык экспертиза болгон. Респ-када медициналык билим берүүчү мекемелерден Кыргыз мамл. медицина ин-ту (1939-ж. ачылган) ж-а 5 медициналык атайын орто окуу жай иштей баштаган. Медицина илими 6-ча изилдөө иштери Кыргызстан эпидемиология, микробиология ж-а гигиена ил. из. ин-

Саламаттык сактоонун согушка чейинки жылдарда өнүгүшү

	1913	1925	1928	1940
Врачтардын саны	21	75	155	600
Ооруканалардын саны	6	17	29	112
Амбулаториялык-поликлиникалык жардам көрсөтүүчү врачтык мекемелердин саны	9	16	45	319
Ооруканадагы орундардын саны	100	445	955	3824
Ар бир 10 000 адамга болгон орундардын саны	1,2	—	—	24,1
Аялдар, балдар консультациялары м-н поликлиникалардын саны	—	1	7	66
Боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар үчүн орундардын (врачтык-акушердик) саны	12	20	142	755

тунда жүргүзүлгөн. 1940-ж. 1 туберкулёзго каршы ж-а 11 тери-венерологиялык диспансер, 9 санитария-эпидемиологиялык станция, 10 санаторий ж-а 59 аптека иштеген.

Согуш мезгилинде Кыргызстандын саламаттык сактоо органдары тылды медицина-санитариялык жактан тейлөөнү ийгиликтүү уюштурушкан. Согуштун биринчи күндөрүнөн тартып Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети, респ-канын Министрлер Совети саламаттык сактоого көп көңүл бурган. Маанилүү чечимдер кабыл алынып, бир катар дарылоо-профилактикалык, санитариялык ж-а эпидемияга каршы чаралар жүргүзүлгөн. Кыргызстанда шаардык ооруканалардагы орундардын саны 2353төн (1940-ж.) 3867ге (1945-ж.) чейин (б. а. 64%тен ашуун), айыл жериндеги стационардык мекемелер 79дан (1940-ж.) 94кө (1945-ж.), ал эми андагы орундар 1471ден 2073кө чейин көбөйгөн. Согуш мезгилинде 34 фельдшердик пункт, 26 аялдар ж-а балдар консультациясы ачылган. Согуштан кийинки жылдарда ооруканаларды амбулатория-поликлиникалык мекемелерге, эненилик-ж-а балалыкты коргоо стационардык мекемелерин тиешелүү консультацияларга бириктирүүдөн, о. эле санитария-эпидемиологиялык ишти кайрадан уюштурууга байланыштуу Кыргызстанда саламаттык сактоо бир кыйла жакшырган. 1950—60-ж. саламаттык сактоо базаларын, ооруканa-поликлиника мекемелерин ж. б. чыңдоого, жаңы ооруканa-поликлиника ж. б. комплекстерин курууга ж-а ишке киргизүүгө айрыкча көңүл бурулган. Шаар м-н кыштактарды санитариялык жактан жакшыртууда, эң коркунучтуу жугуштуу ооруларды (холера, чума, чечек ж. б.) жок кылууда ж-а кеңири таралган ооруларды кескин азайтууда респ-канын саламаттык сактоо органдары чоң ийгиликтерге жетишти.




Фрунзе ш-ндагы № 1 клиникалык ооруканa. Профессор А. Н. Круглов клиникanын кызматкерлери менен оорулууларды кароодо. 1965.

Академик И. К. Ахунбаев жүрөккө операция жасоодо. 1960.



РСФСР саламаттык сактоо эл комиссариаты ж-а Россия Кызыл Крест коомунун жардамы м-н 1923—70-ж. Кыргыз ССР саламаттык сактоо органдары респ-када 150дөн ашуун медициналык экспедиция уюштурган. Алардын милдетине калкты медициналык кароо гана эмес, ооруларды дарылоо, жерг. медициналык кызматчыларды окутуу да кирген. Көп жылдык экспедициялык иштер жугуштуу венера ж-а тери ооруларын азайтууга, кеңири таралган котур ж-а таз ооруларын жок кылууга алып келген. Кыргызстандын аймагындагы мурда артта калган элдердин дең соолугун чыңдоо б-ча партия м-н өкмөттүн ж-а саламаттык сактоо органдарынын камкордугунун натыйжасында 1926-жылдан жугуштуу оорулар кескин азая баштаган. Мис., 1926-ж. Кыргызстанда ар бир 10 000 адамдын мици безгек м-н ооруган; 1932-ж. бул көрсөткүч 505, 1940-ж. 129, 1950-ж. 69,3, 1955-ж. 1,5кө чейин азайган. 1956-ж. респ-ка б-ча 69, 1957-жылдын 8 айында 17 оору катталган. 1960-жылдан безгек оорусунун жок болушуна байланыштуу безгек оорусу б-ча врачтардын адистигин өзгөртүүгө туура келип, ал эми безгек оорусуна каршы күрөшүү тармактары санитария-эпидемиологиялык кызмат м-н бириктирилди. Өтө коркунучтуу жугуштуу оорулар жок кылынды: холера (1926-ж.), чума (1928-ж.), чечек (1936-ж.), кайталанма келте (1955-ж.), баш келте (1955-ж.), тери лейшманиоз (1955-ж.), паппатачи лихорадкасы (1956-ж.), безгек (1959-ж.), трахома (1963-ж.), анкилостомоз (1964-ж.), полиомиелит (1970-ж.). Рев-я-га чейинки мезгилге караганда көк жөтөл оорусу 52,4, ич келте 15,5, кызамык 14,6, скарлатина 3,1 эсе азайып, кутурма, кептөөр, сибирь жарасы, Ку лихорадкасы



Ат-Башы райондук ооруканасы. Нарын обл.

жокко эсе болду. Туберкулёз, тери ж-а венера (котон жара, гонорея) ооруларына каршы күрөшто чоң ийгиликтерге жетишилди. Согуштан кийинки мезгилде саламаттык сактоонун саны да, сапаты да жогорулап, калкка адистештирилген медициналык жардам көрсөтүү жакшырды. Ар бир 10 000 адамга алганда ооруканалардагы терапиялык орун 3,2ден (1940-ж.), 23,2ге (1979-ж.), хирургиялык орун 2,8ден 14,1ге, жугуштуу оорулуу


Саламаттык сактоонун согуштан кийинки жылдарда өнүгүшү

	1940	1950	1960	1970	1980
Ооруканa мекемелеринин саны	112	138	261	273	267
Ооруканалардагы орундардын саны	3824	7106	16275	31900	43600
Ар бир 10 000 адамга болгон орундардын саны	24,1	40,3	73,5	106,5	119,4
Бардык адистиктеги врачтардын саны	600	1751	3412	6223	10400
Ар бир 10 000 адамга болгон врачтардын саны	3,8	9,9	15,4	20,8	28,5
Медициналык атайын орто билимдүү кызматчылардын саны	2552	4765	10807	21645	32700
Ар бир 10 000 адамга болгон медициналык атайын орто билимдүү кызматчылардын саны	16,1	27,0	48,8	72,3	89,5
Боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар үчүн орундардын (врачтык ж-а акушердик) саны	755	1015	2589	4016	4479

балдар үчүн орун 0,6дан 5,7ге, боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар үчүн орун 4,2ден 10,5кө чейин көбөйдү.

1980-жылга карай Кыргызстанда саламаттык сактоонун дарылоо-профилактикалык иши, санитария-эпидемиологиялык кызмат, аптека иши, сот-медициналык экспертиза, медициналык илим, медициналык билим берүү (жогорку ж-а орто) тармактарынан турган ыраатуу система калыптанды. Мындан тышкары Фрунзеде

Фрунзе ш-ндагы № 2 оорукананын реанимация бөлүмү.



17 Кыргыз ССРи

медициналык техниканы ремонттоо ж-а химия-фармацевтика заводдору иштейт. Респ-канын аймагында са-

Республикалык аптекалар

	1926	1940	1950	1965	1980
Бардыгы	13	59	100	174	296
а. и. айыл жериндегилери	6	37	70	101	196


ламаттык сактоонун бардык тармактары б-ча 3 миңдей мекеме бар. Саламаттык сактоонун башкы принциптери (акысыз, жалпыга бирдей медициналык жардам көрсөтүү, медициналык кадрлардын жогорку квалификациялуулугу) ишке ашырылды. 1980-ж. респ-канын аптекаларында 1546 адис иштеген.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ВОЗ) м-н ООНдун балдар фондусу (ЮНИСЕФ) 1978-ж. Алматыда өткөргөн медицина-санитариялык алгачкы жардам көрсөтүү б-ча эл аралык конф-янын катышуучулары (алар Кыргызстанга да келишкен) Кыргызстандагы саламаттык сактоо иштерин жогору баалашкан.

Эненилик ж-а балалыкты коргоо. Революцияга чейинки Кыргызстанда ар бир экинчи бала бир жашка чыкпай өлүп калган. Энелердин өлүмү да жогору болгон. Аялдар м-н балдардын дең соолугун коргоочу эч кандай дарылоо-профилактикалык мекеме болгон эмес.

Совет бийлиги жеңгенден кийин аялдар м-н балдардын дең соолугун коргоо саламаттык сактоонун маанилүү маселелеринин бири болуп калды. 1925-ж. Кара-Кыргыз АОсунун Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съездинин (1925-ж. март) чечимдеринe ылайык Фрунзеде 20 орундуу төрөт үйү ж-а балдар консультациясы, Токмок ооруканасынын алдында балдар консультациясы уюшулган. 1926-ж. Ошто 10 орундуу төрөт үйү, Фрунзеде № 2 балдар консультациясы ачылган. Ошол эле жылы Фрунзеде акушерлик курс ачылып, 1928-ж. 29 акушерди даярдап чыгарган. 1926—30-ж. көчмө врачтык отряддар ж-а аялдар консультацияларын уюштуруу практикаланган. 1926-ж. 4 көчмө балдар консультациясы ж-а Кыргыз АССР саламаттык сактоо эл комиссариатынын аппаратында эненилик ж-а балалыкты коргоо бөлүмү уюштурулган. Аялдардын дең соолугун сактоону эненилик ж-а балалыкты коргоо мекемелери ж-а жалпы дарылоо тармактары ишке ашырат. Респ-канын аймагында 343 аялдар консультациясы, балдар поликлиникасы ж-а амбулатория (өз алдынча ж-а башка мекемелердин составында) иштейт. Боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар үчүн орун 4328ге, гинекологиялык орун 1593кө жетти (1981).

Санитария-эпидемиологиялык кызмат. Революцияга чейинки Кыргызстанда санитария-гигиеналык абал эң төмөн болгондуктан тынымсыз эпидемия болуп турган. Санитария-эпидемиология мекемеси ж-а врач жок болчу. Санитария-эпидемиологиялык иштин элементтери Совет бийлигинин алгачкы жылдарында гана пайда боло баштап, 1918-ж. Пишпек, Каракол, Ош уездик Аткаруу комитеттеринин саламаттык сактоо эл комиссариатына караштуу санитариялык бөлүмчөлөр уюшулган. Кийинки жылдарда санитария ж-а гигиена маселелери, эпидемияга каршы жүргүзүлүүчү чаралар партиялык-өкмөттүк органдар м-н саламаттык сактоо органдарынын көңүлүнүн борборунда болду. 1926-ж. Фрунзеде санитария-эпидемиологиялык кызматтын биринчи мекемеси (безгекке каршы станция) ачылган. Санитария-эпидемиологиялык кызмат Улуу Ата Мек. согуштун алдындагы жылдарда бир кыйла өнүгүп, согуш мезгилинде кыйла кеңейип, чыңдалган. 1980-ж. респ-када лаборато-



Фрунзе ш-ндагы № 3 балдар поликлиникасынын бассейнинде.

рия м-н жабдылган, дезинфекциялык кызмат ж-а санитариялык агартуу иштерин жүргүзүүчү 54 санитария-эпидемиологиялык станция болгон. Санитария-эпидемиологиялык кызматтын мекемелери алдын ала ж-а күнделүк санитариялык надзорду, эпидемияга каршы ж. б. чараларды системалуу түрдө ишке ашырат.

А. Айдаралиев




Суусамырдагы балчылардын үй-бүлөсүн медициналык текшерүүдөн өткөрүү.

Санаторийлер ж-а курорттор. Жалал-Абад, Ысык-Ата, Ак-Суу ж-а Жети-Өгүз жылуу суулары байыркы убактан бери эле белгилүү болуп, О. Азия, Афганстан, Кытай ж-а Индиянын булуң-бурчтарынан оорулуу кишилер зыяратка келип турган. 19-к-дын аягында гана жылуу суу чыккан жерлерде эң алгачкы дарылоочу жайлар ачылып, казарма типиндеги имараттар курулган. Айрым минералдуу суу булактары ж-дөгү биринчи анык маалыматтарды өткөн кылымдын 2-жарымында, 20-к-дын башталышында П. П. Семёнов-Тянь-Шанский (1857), Н. А. Северцов (1867), А. П. Федченко (1871), И. В. Мушкетов (1875—78), В. Н. Вебер м-н Д. И. Мушкетов (1909), Н. Г. Кассин (1914), К. И. Аргентов (1909—12-ж.) ж. б-лардын экспедициялары берген. 1923-ж. Ташкенде Түркстан респ-касынын курорт башкармасы уюшулуп, ошондон баштап О. Азияда курорт ишин интенсивдүү уюштуруу башталган. 1931-ж. Кыргыз АССР саламаттык сактоо эл комиссариаты озунун Курорт башкармасын уюштуруп, анын карамагына респ-кадагы бардык курорт ж-а санаторийлер кирген. Совет бийлигинин жылдарында респ-канын санаторий-курорту м-н эс алуу мекемелери 1деи (1926-ж.) 235ке (1979-ж.) чейин көбөйүп, анын ичинде чоң кишилердин 13, балдардын 15, туберкулёз ооруларынын 9 санаторийи, 22 санаторий-профилакторий, 49 пансионат, 12 эс алуу үйү, 16 эс алуу базасы, 18 туристтик база, 3 альпинисттик лагерь, жалпы орунду 65 миңден ашык 188 пионер лагери бар. 1979-ж. дарыланган ж-а эс алгандардын саны 581,6 миң кишиге жеткен.


Курорт ресурстары. Респ-ка эң ыңгайлуу курорт-климаттык ресурстарга бай. Аның аймагында темп-расы, минералдануусу, хим. ж-а газ составы ар түрдүү болгон минералдуу суулардын 100дөй булагы бар. Азоттуу жылуу суулардын жалпы дебити 200 *л/сек*дан ашык 30дан ашуун тобу, аз ж-а орточо минералданган суулар (Ак-Суу, Ысык-Ата, Жыргалаң, Кызыл-Суу, Аламүдүн, Кереге-Таш, Кара-Булуң, Жалал-Абад, Кочкор-Ата ж. б.) көп таралган. Ысык-Көл ороонундогу Чок-Тал, Чолпон-Ата, Бостери, Комсомол курортторунда өтө минералданган ысык суулар табылган. Алардын минералдануусу 18—40 *г/л*, составы хлорид-натрий-кальцийлүү, температурасы 40—49°С. Түн., Түш. ж-а Ички Тянь-Шанда деңиз деңгээлинен 2300—3000 *м* бийикте (Жар-Таш—Ак-Суу, Чатыр-Көл, Кара-Кече, Бешбелчир-Аралаш, Кара-Шоро ж. б.) нарзан, ессентуки, арзни, аваре типиндеги көмүр кислоталуу суулардын 20дан ашык тобу жайгашкан. Аларды пайдалануунун жаңы ыкмасы — бутылкага куюу ак-суу (1970-ж.), чатыр-көл (1973-ж.), кара-шоро (1974-ж.) минералдуу суулары ийгиликтүү башталды.

Дары баткактар эки типке бөлүнөт: туңма баткак ж-а чым көндүү туңма баткак. Туңма дары баткактардын кендери Ысык-Көлдүн акваториясы м-н жээктеринде (Курский, Долинка, Күрмөнтү, Жыргалаң, Покровка, Тамга кыштактары, Чолпон-Ата ш.), чым көндүү туңма дары баткактардын кени Чүй ороонундө (Камышановка. Луговой кыштактарында); о. эле Ош обл-нда (Чымбай, Кыймыл, Кадамжай. Арстанбап, Жалал-Абадда); Алабуга-Нарында бар. СССР Министрлер Советинин токтомуна (1970-ж. 28-авг.) ылайык уюшулган жалпы союздук маанидеги Ысык-Көл курорт зонасынан башка респ-канын аймагында климатынын дарылык же профилактикалык факторлуу Арстанбап, Жалал-Абад, Кара-Алма, Үрүмбашы, Жазы, Салам-Алик, Ысык-Ата, Байтик ороону, Ак-Суу, Аламүдүн, Ала-Арча суулары-нын ороондорү сыяктуу көптогон кооз жерлер бөлүнгөн.

Жалпы союздук маанидеги курорттор. Ысык-Көл курорт зонасында 1982-ж. 12 санаторий, 5 туристтик база, 27 пионер лагери, 7 эс алуу үйү, 47 пансионат ж-а 14 эс алуучу база ж-а спорттук-ден соолук чыңоо лагери жайгашкан. Санаторий-ден соолук чыңоо мекемелеринин 75,6%ке жакыны (62) көлдүн түн. жээгиндеги калыптанып жаткан 9 курортто (жал-



Катуу ооруларды санитариялык авиация менен жөнөтүү. Мин-Куш ш. т. посёлкасы.



«Көгүлтүр Ысык-Көл» санаторийи.

пы базасы 17 миң орун) топтолгон: Чок-Тал (4), Долинка (12), Чолпон-Ата (4), Бостери (16), Комсомол (5), Корумду (6), Ананьев (1), Кутургу (1). Ысык-Көл ороонунун чыгыш жагында 6 курорт жайгашкан: Ак-Суу (балдардыкы), Жыргалаң, Жети-Өгүз, Жууку, Заря ж-а Кара-Булуң (кийинки эки курулууда). Базасы 3,7 миң орундуу 12 санаторий-курорт мекемеси көлдүн түш. жээгинде (Барскон, Кажысай, Ак-Терек ж. б.) жайгашкан.

Чолпон-Ата. Чөл зонасынын орто бийик тоо-көл жээгинде жайгашкан климаттык-бальнеологиялык баткактуу талаа курорту. Климаты тоо-дециздик. Климат м-н дарылоодон тышкары (аба, күн ваннапары, талассотерапия) көлдүн суусу ж-а дары баткактары пайдаланылат. Санаторийдин аймагында чартак типиндеги өтө минералдашкан (20 *г/л*ге чейин) хлор-натрий-кальцийлүү суу (температурасы 45°С) табылган.

Мында 4094 орундуу (жылына орто эсеп м-н 34 миң адамды тейлейт) 3 санаторий, 2 эс алуу үйү, 3 пансионат ж-а 2 пионер лагери жайгашкан.

«Көгүлтүр Ысык-Көл» (550 орундуу) 1965-ж. ачылган. Дарылоо комплексинде талассотерапия, минералдуу ваннапар, дары баткагы, электр тогу ж-а жарыгы м-н дарылоонун бардык түрү, ингаляция, укалоо (массаж), айыктыруучу физкультура колдонулуп, тиш ооруларга жардам көрсөтүлөт. Клиникалык, биохимиялык лабораториялары, функциялык метод м-н плдеттин себебин табуу бөлүмү, рентген кабинети бар. Кан айлануу системасын, нерв ж-а дем алуу органдарын дарылоого адистештирилип, гинекологиялык ж-а сөөк-булчуң ооруларын да ийгиликтүү дарылайт. Санаторийдин 500 орундуу 2-имараты (поликлиника ж-а ашканасы м-н) курулууда (1982).

Жети-Өгүз. Бийик тоо климаттык-бальнеологиялык курорт. 300 орундуу, орто эсеп м-н жылына 4 миңдей адамды тейлейт. Дарылоо комплексинде радондуу минералдуу ваннадан башка баткак м-н дарылоо, физиотерапия ж. б. колдонулат. Диагностика, тиш кабинеттери бар. Сөөк-булчуң системаларын, нерв-сезгенүү ж-а гинекология ооруларын дарылоого адистештирилген. Булардан тышкары тамак сиңирүү органдарын ж-а тери ооруларын да ийгиликтүү дарылайт. Суу-баткак м-н дарылоо бөлүмү курулууда (30 ванна поликлиникасы м-н).

Жыргалаң. Орто бийик тоолуу бальнеологиялык баткактуу курорт. 1960-ж. хлорид-сульфат-натрий типиндеги жегичтүү жылуу суу табылган. Минералданууcу 1 *г/л*, температурасы 46°С, дебити 20 *л/сек*га жакын. Сөөк-булчуң системасын дарылоого адистештирилген. Жыргалаң суусунун чатына жакын жерде туңма баткактын бай запасы (1 млн *т*дан ашык) бар. 1962-ж. минерал булактары чыккан жерге колхоз аралык санаторий уюшулуп, 1968-ж. ал Кыргызсоветкурорттун карамагына берилген. Жылына 2 миңден ашык ооруулуу адам дарыланат.

Ак-Суу. Орто бийик тоолуу климаттык-бальнеологиялык балдар курорту. Таяныч-кыймыл аппараттарынын ар кандай ооруларын ж-а опокот гемолиздик остеомелитти (сөөк кулгунасы) дарылоого адистештирилген. Кремний-хлорид-сульфат-натрий типиндеги өтө жегичтүү ысык суу табылган. Бассейн, суу м-н дарылоочу жайы (4 ванналуу), электр тогу ж-а жарыгы м-н дарылоо кабинети бар. Дарылоо мөөнөтү 90 күн; башталгыч мектеп иштейт.


Республикалык маанидеги курорттор. Ысык-Ата. Чөл зонасындагы Орто бийик тоо-талбалуу бальнеоологиялык курорт. Санаторийи 420 орундуу, сөөк-булчуң системаларын, нерв-сезгенүү ж-а гинекология ооруларын дарылоого адистештирилген. Кукүрттүү суутек жыттанган түссүз, температурасы 38—54°С, жегич, аз минералдашкан, сульфат-хлорид-гидрокарбонат-натрий типиндеги, составында 50 *мг/л*ге чейин кремний кислотасы бар минералдуу суу чыгат. Диагностика кабинетинин бардык түрү бар. Жылына орто эсеп м-н 7 миң адамды тейлейт.



Ысык-Ата курортунун жалпы көрүнүшү.

Жалал-Абад. Чөл зонасындагы жапыз тоолуу климаттык-бальнеологиялык ж-а баткак м-н дарылоочу курорт. Тамак сиңирүү органдары м-н сөөк-булчуң системаларын дарылоого адистештирилген. Негизги дарылоо каражаттары — ваннага ж-а ичүүгө колдонулуучу азот м-н газдалган сульфат-гидрокарбонаттуу ж-а натрий-кальцийлүү минералданган жылуу суулар. Клиника-биохимиялык лаборатория, рентген кабинети, функциялык метод м-н изилдөө бөлүмү бар. Дарылоо корпусунун курулушу бүтүп, эксплуатацияга берилди (1981).

Жалал-Абад курортунун дарылоо комплекси.



Мында 400 орундуу санаторий, 7—14 жаштагы балдар үчүн жай мезгилинде (июнь-авг.) атайын болум (50 орундуу) иштейт.

Арстанбап. Жаңгак-мөмө токойлуу тоо капталдарында 14 ден соолук чыңоо мекемеси, анын ичинде 500 орундуу пансионат, 300 орундуу туристтик база, 2700 орундуу 10 пионер лагери ж-а 160 орундуу 2 эс алуу базасы жайгашкан.

Жергиликтүү маанидеги эс алуу жайлары. Ош обл-нда 15 эс алуу жайы (Чапач-Сай, Пачата, Майлы-Сай, Кара-Алма, Салам-Алик, Тогуз-Тоо, Жаңы-Арык, Кара-Кулжа, Уч-Таш, Ош, Кызыл-Октябрь, Уч-Коргон, Кызыл-Булак, Лейлек, Кара-Булак) бар.

Санаторийлер ж-а эс алуу мекемелери

	1939	1965	1975	1980
Санаторийлер м-н эс алуу мекемелеринин (бир күндүгүнөн башкасы) саны	15	68	131	139
Андагы орундардын саны (миң)	2,4	13,9	31,2	35,7
Тейлеген адамдардын саны (миң)	—	—	358,5	537,4

Мында 48 ден соолук чыңоо мекемеси, анын ичинде 36 пионер лагери, 2 эс алуу үйү, 1 пансионат, 6 санаторий, 1 эс алуу ж-а 2 туристтик база жайгашкан. Жалпы базасы 13,4 миң орундуу. Жылына орто эсеп м-н 50,3 миңдей адамды тейлейт. Чүй өрөөнүндө 11 эс алуу жайы (Чоң-Кемин, Шамшы, Кегети, Кант, Аламүдүн, Ала-Арча, Фрунзе, Белогорка, Кызыл-Туу, Сосновка, Жарды-Кайыңды) бар. Анда 9585 орундуу 32 ден соолук чыңоо мекемеси, анын ичинде балдардын 4, туберкулёз ооруларынын 4 санаторийи, 1 эс алуу үйү, 1 эс алуу базасы ж-а 22 пионер лагерлери иштеп, жылына орто эсеп м-н 85 миңден ашык адамды тейлейт. Нарын обл-нда 75 орундуу 1 санаторий, 280 орундуу 2 пионер лагери (шаардын сыртында) жайгашкан. Жылына орто эсеп м-н 560 адамды тейлейт. Талас өрөөнүндө 470 орундуу 3 пионер лагери (Талас, Будённый, Өзгөрүш) бар.

Балдар санаторийлери. Респ-када балдардын 2430 орундуу 15 санаторийи иштейт. Алардын ичинен Ысык-Көл областындагы «Ак-Суу» санаторийи (75 орундуу) балдардын борбордук нерв системасы м-н гемолиздик остеомиелит ооруларын дарылоого адистешкен. Каптта (75 орундуу) ж-а Жалал-Абадда (100 орундуу) кызыл жүгүрүк ооруларын, Ошто (50 орундуу), Жаңы-Талап кыштагында (75 орундуу) пульмонологиялык, Предтеченка кыштагында (75 орундуу) психоневрологиялык санаторий жайгашкан. Фрунзеде кызыл жүгүрүк ж-а өпкө ооруларын дарылоочу 270 орундуу «Таалай» ж-а тамак сиңирүү органдарын дарылоочу «Жылдыз» санаторийи иштейт.

Ведомстволук санаторийлер. Респ-кадагы ведомстволук санаторийлер: Кыргыз ССР Министрлер Советинин 100 орундуу санаторийи (Чолпон-Ата), Казак ССР саламаттык сактоо министерствосунун башкы башкармасынын 750 орундуу «Казакстан» санаторийи (Бозтери кыш.), КПСС БКнын 250 орундуу «Ысык-Көл» санаторийи (Комсомол кыш), О. Азия аскер округунун 650 орундуу «Ысык-Көл» санаторийи (Тамга кыш.).

Профилакторийлер. Ири ө. ж. ишканалары м-н жогорку окуу жайларга караштуу 22 санаторий-профилакторий (1663 орундуу) иштейт. Мында 20 миңдей киши дарыланган (1979-ж.). Профилакторийлер мыкты физиотерапиялык аппараттар м-н жабдылган. Дарылоо комплексинде электр тогу ж-а жарыгы м-н дарылоонун бардык түрү, жасалма минералдуу ванналар, электр-баткак м-н дарылоо, парафин, укалоо, айыктыруучу физкультура кеңири колдонулат.


Д. Алымкулов

Илимий медициналык кадрларды ж-а врачтарды даярдоо. Респ-када медициналык илимий ж-а врач кадрларды Кыргыз мамлекеттик медицина ин-ту (1939), 7 ил. пз. ин-ту, 9 медициналык орто окуу жайы даярдайт. КММИ 42 жылдын ичинде 13 196 врач, илимдин 472 кандидатын, 48 докторун даярдады. Ин-ттун дарылоо (1939), санитария-гигиена (1955), педиатрия (1956), стоматология (1960), фармацевтика (1981) факультеттери даярдаган врачтардын саны жылдан жылга өсүүдө (1943-ж. — 250, 1970-ж. — 399, 1975-ж. — 559, 1981-ж.— 635). 1981-ж. Кыргызстанда 10 миңге жакын врач, 31,5 миң медициналык орто билимдүү кызматчы иштеген. КММИ врачтарды даярдоо м-н бирге иштеп жаткан адистердин квалификациясын жогорулатуу б-ча врачтардын билимин өркүндөтүү факультетинде (1965-ж. ачылган) көп иштер жүргүзүүдө. Факультет уюшулгандан тартып 3,5 миң врач адистештирүүдөн өткөн. Кыргыз ССР саламаттык сактоо министерствосунун карамагында 6 ил. пз. ин-ту иштейт (1982): эпидемиология, микробиология ж-а гигиена (1938), курортология ж-а физиотерапия (1957), туберкулёз (1957), онкология ж-а радиология (1959), акушерлик ж-а педиатрия (1961), кардиология (1978). Бийик тоо физиологиясы ж-а эксперименттик патология ин-ту (1954) Кыргыз ССР ИАнын составына кирет. Бул ин-ттарда медициналык илимдин 26 доктору, 216 кандидаты даярдалды, алардын базасында 10 426 врач адистештирүүдөн өткөн. 1981-ж. респ-канын медицина мекемелеринде СССР медицина илимдер академиясынын 1 корр. мүчөсү, Кыргыз ССР ИАнын 2 академиги, 4 корр. мүчөсү, медицина илиминин 51 доктору ж-а 50 кандидаты иштейт.

С. Б. Даниялов

Ад.: Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын саламаттык сактоо жөнүндөгү закону, Фр., 1971, 80 б.; Айдаралиев А., Саламаттык сактоо жөнүндөгү лениндик идеялын Кыргызстанда ишке ашырылышы, Фр., 1970, 77 б.; его же, Из истории медицины и здравоохранения Киргизии, Фр., 1975, 44 с.; Актуальные вопросы здравоохранения и здоровье населения, Фр., 1975, 186 с.; Внедрение достижений медицинской науки в практику здравоохранения, Фр., 1977, тт. 1—2; Методические указания к лечению некоторых форм заболеваний на курортах Киргизии, Фр., 1978, 111 с.; Курорты Прииссыккулья, Фр., 1970, 103 с.; Курорты Киргизской ССР, Фр., 1978, 30 с.; Мукамбетов В. С. [ж. б.], Когултур Ысык-Көл санаториясы, Фр., 1977, 72 б.

ФИЗКУЛЬТУРА ЖАНА СПОРТ






Кыз куумай.

В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун студент-физкультурниктери. Фрунзе. 1980.

Эл чыгармачылыгынын булактарынын ж-а анын бай казнасынын маалыматтары б-ча Кыргызстандын аймагында жашаган калк эзелтен эле лыжаны пайдаланышып, жаа тартканды мыкты билишкен. Айрыкча жылкынын арбын остүрүлүшүнө байланыштуу атчан откорулуучу мелдештердин ар кыл түрлөрү кеңири өнүккөн. Көптөгөн элдик оюндар ж-а спорттук мелдештер кыргыз элинин баскынчыларга каршы жүргүзгөн көп жылдык күрөшүн таасын айгинелейт. Монументтүү баатырдык «Манас» эпосунда аскердик-спорттук мелдештер — сайыш, оодарыш, жамбы атмай, күрөш ж-де кеңири маалымат берилген. Кыргызстандын Россиянын составына өз ыктыяры м-н кошулушунан кийин келгиндердин келиши м-н спорттун европалык түрлөрү ж-а физкультуранын элементтери тарала баштаган. 1912-ж. Кичи-Кеминде болуп өткөн аламан байгеде Бо-


Оодарыш.



рончу Өтөгөнов ат чабыштын бүткүл россиялык официалдуу рекордун жогорулаткан.

Совет бийлиги орногондон кийин гана физкультура м-н спорт кеңири өнүгө баштаган. ББАКтын декретине (1918-ж. 22-апр.) ылайык 1918-ж. түзүлгөн Жалпы билим берүү башкармасы Кызыл Армиянын резервдерин ар тараптуу даярдоону, көбүнчө спорттук аскердик-колдонмо түрү б-ча мелдешти жүргүзгөн. 1919-ж. Пишпекте биринчи шаардык клуб ачылып, лекциялар ж-а концерттер м-н катар физкультура-спорттук кечелер өткөрүлгөн. 1920-ж. РКП(б)нин Пишпек округкомунун чечими б-ча спорттук зал үчүн атайын имарат бөлүнүп берилип, ал эми Ошто жаштардын бир нече тобун бириктирген аскердик-спорт ийримдери ачылган. 1921-ж. Кыргызстанда биринчи жолу жеңил атлетика б-ча мелдеш ж-а Пишпек (Фрунзе) — Верный (Алма-Ата) командаларынын ортосунда жолдоштук футболдук матч өткөрүлгөн. 20-жылдарда физкультура ж-а спорт жумушчулар м-н айыл эмгекчилеринин арасына тарай баштаган. 1923-ж. Кызыл-Кыя шаарынын шахтёрлору биринчи спорт ийримин түзгөн, ал эми 1928-ж. Суусамырда физкультуралык ж-а комсомолдук уюмдар Кызыл боз үйдүн алдында улуттук оюндардын ар кыл түрү б-ча «Акторгой» спорт ийримин уюштурушкан. Кийинчерээк андай ийримдер Чүй, Фрунзе, Талас кантондорунда да түзүлгөн.

1923-жылдан Кыргызстандагы физкультуралык кыймылды жетектөө бүткүл өлкөдөгүдөй эле Советтердин аткаруу комитетинин алдында уюштурулган физкультуралык советтердин карамагына өткөн. Алгачкы физкультуралык советтердин бири (1923-ж.) Ош уездинин аткаруу комитетинин алдында түзүлгөн. 1925-жылдан Кыргыз обл. физкультура совети ж-а округдук физкультура советтери Ош, Пишпек, Каракол, Нарын ж-а Жалал-Абад округдарында иштей баштаган. 1925-жылдын аягында Кыргыз АОнун аймагында физкультура б-ча 26 ийрим (Пишпекте 16, Караколдо 4, Ошто 3, Жалал-Абадда 2, Кызыл-Кыяда 1) түзүлүп, 1200 киши оз катарына бириктирген. Физкультура ишин өнүктүрүүдө Кыргызстанга РСФСРдин ар кандай шаарларынын спорт уюмдары өздөрүнүн бир туугандык жардамын көрсөткөн, о. эле, чехословакиялык «Интергельпо» кооперациясынын мүчөлөрү гимнастика ж-а спорт оюн-



1. Баштык менен чабышуу оюну. 2. Классикалык күрөш.

дарын элге кеңири таанытқан физкультуралык ийрим түзүшкөн. Ошол кооперациянын мүчөсү Р. П. Мареček кыргыз альпинизминин пионери болгон. 1927-ж. мартта респ-канын Борбордук аткаруу комитетинин алдында физкультура б-ча Жогорку совет ж-а кантондук физкультура советтери уюшулган. 1929-ж. айыл спортсмендеринин респ-калык слёту ж-а калк арасына физкультуралык кыймылды пропагандалоо б-ча зор мааниге ээ болгон респ-калык 1-спартакиада өткөрүлгөн. 1931-ж. «Коргоого жана эмгекке даяр» (ГТО) деген физкультуралык комплекстин киргизилишинин натыйжасында физкультура-спорттук кыймылдын өнүгүшүнүн жаңы доору ачылган. 1934-ж. Кыргызстанда 3068 киши ГТОнун значогуна ээ болгон. Фрунзеде физкультура бөлүмү бар педагогика окуу жайы ачылып, ал жерде квалификациялуу адис-педагогдор даярдала баштаган. Жеңил атлетиканын он түрү б-ча Ф. Семенин СССРдин 10 кыйын жеңил атлетчилеринин катарына кирген. Анын найза ыргытуу, узундукка секирүү б-ча койгон рекорддору 50-жылдарга чейин сакталып келген. Фрунзе — Москва аралыгын лыжа м-н басып өтүү ж-а Оштук спортсмендердин Ош — Хорог — Ош маршруту б-ча бийик тоолуу жерлердин татаал шарттарында велосипед м-н өткөндөрү 30-жылдардын орто чениндеги негизги окуялардан болуп эсептелет. «Кызыл роза» спорт коомунун Бүткүл союздук мелдешинде (Москва, 1937) Ош жибек түрүүчү фабрикасынын жеңил атлетчилери өз тармактарынын өндүрүш коллективдеринин арасынан 2-орунду жеңип алышкан. 1937-ж. июлда Кыргызстандын спортсмендери Москвадагы Кызыл аянтта өткөн советтик физкультурниктердин биринчи парадына катышышкан. Ошол убакта жеңил атлетчилер Б. Приезжев, Д. Жамансартов, П. Клочко, Л. Евдокимова, аткычтар Б. Жамгырчинов, М. Турусбеков, Д. Турдукеев, К. Масылканов ж. б. спорттук мыкты ийгиликтерге жетишкен. Респ-када 1940-жылга карай 442 физкультура коллективи 19 527 спортсменди ж-а 1500гө жакын коомдук активдерди өз катарына бириктирген. Улуу Ата Мекен согушта кыргызстандык жоокер-спортсмендер Ч. Тулобердиев, В. П. Петрищев Сов. Союз. Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Ленинграддан Фрунзеге эвакуацияланган П. Ф. Лесгафт атындагы физкультура ин-тунун окутуучулар коллективи респ-канын физкультура-спорт ишинин жогорулашына көмөк көрсөтүшкөн. 1946—47-ж. спорттун ар кайсы түрлөрү б-ча 160 жаңы респ-калык рекорд коюлган.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин 1953-ж. 10-июндагы «Республикада физкультура менен спортту мындан ары да жакшыртуу» ж-дагу токтомунун негизинде 303 физкультура коллективи түзүлүп, 16 миң киши өз катарына камтыган; Кызыл-Кыя, Кок-Жаңгак, Сүлүктү ш-ларында балдардын спорттук мектептери ачылган; ат спортунун түрлөрүн өнүктүрүү б-ча база түзүлгөн. 1954-ж. айылдык ыктыярдуу спорт коому «Колхозчу» уюштурулган.

Респ-када физкультура м-н спортту өнүктүрүүдө негизги өбөлгө болуп СССР элдеринин спартакиадасы эсептелет. СССР элдеринин жайкы спартакиадасынын (1956) финалына Кыргызстандан 6 СССР спортунун мастери катышкан. Кыргызстандын көптөгөн спортсмендери спартакиадалар м-н эл аралык мелдештерде жеңишке ж-а байгеге ээ болушкан. Алардын ичинде ат спорту б-ча Н. Огородников СССР элдеринин 1-Спартакиадасында 1-орунду, С. Мурсалимов СССР элдеринин 2-Спартакиадасында 1-орунду, жеңил атлетика б-ча «Юманите» газетасынын байгесине болгон кросстун (1962) жеңүүчүсү Л. Иванов СССР элдеринин 3-Спартакиадасында алтын ж-а күмүш медалдарын жеңип алган. Спартакиадалар жерг. улуттар арасынан мыкты спортсмен жаштардын чыгышына өбөлгө түзгөн. Кыргызстандан СССР спортунун мастери деген наамды Т. Мамыров биринчи алган. Бийиктикке секирүү б-ча респ-канын көп жолку чемпиону ж-а рекордсмени Т. Мамыров өлкөнүн профсоюздарынын спартакиадасында коло медалын жеңип алган. О. Азиянын алдыңкы гимнасттарынын катарына Г. Чокоева кошулган. Жеңил атлеттер В. Корсакова, О. Барч, суучул А. Анарбаев СССРдин олимпиялык курама командасынын составына кирген. Республикада 70—80-жылдарда таланттуу спортсмендердин чоң тобу тарбияланды. Алардын ичинде В. Соколов, А. Мишуров (эркин күрөш), А. Абушахметов (фехтование), В. Андреев (аткыч, дүйнөнүн 2, Европанын 4 жолку чемпиону), А. Тарев



«Правда» газетасынын байгесине кросс. 1980.


(спорттун беш түрү б-ча) бар. 22-Олимпиялык оюндардын чемпиондору: К. Осмоналиев (оор атлетика б-ча дүйнөнүн 4, Европанын 2, СССРдин 2 жолку чемпиону), Т. Колпакова (узундукка секирүү), А. Мелентьев (пистолеттен атуу), А. Блинов (ат спорту) ж. б. Эл аралык мелдештерде ж-а Европанын чемпионаттарында байгелүү орундарды ээлеген спортсмендер: С. Жуманазаров, М. Кульчунова, Н. Чернецкий, П. Эльтерман, А. Ибраимов (жеңил атлетика), Ю. Сахиев, А. Гиль (атуу б-ча), В. Гришковец, А. Круц, С. Михалёв, Д. Сандхаджаев (бокс), Н. Шаловская, В. Неплях (байдаркада сүзүү б-ча) ж. б. СССРдин курама командасынын составынан торт кишилик байдарка б-ча А. Водоватов советтик спорттун тарыхында дүйнөнүн чемпиону деген наамга 2 жолу татыктуу болгон (1981, 1982). Кыргызстандын 30дан ашык спортсмени — спорттун ар түрү б-ча СССРдин курама командаларынын мүчөлөрү. Бир гана 1979-ж. Бүткүл союздук ГТО комплексинин нормасын 270 207 киши толтурган.

Жыл сайын улуттук спорттун түрлөрү м-н машыккан спортсмендердин саны өсүүдө. Райондордо, шаарларда, областтарда, респ-када дайыма өткөрүлүп жаткан биринчилик үчүн мелдештер ж-а спартакиадалар спорт-

смендердин чеберчилигинин өсүшүнө чоң таасирин тийгизүүдө. Спорттун 7 түрү б-ча разряддардын нормасы белгиленген. 1971-жылдан күрөш б-ча «Кыргыз ССР спортунун мастери», 1981-жылдан оодарыш, улак тартыш, ордо, тогуз коргол б-ча «Кыргыз ССР спортунун мастери» деген наам киргизилген. Улуттук спорттун түрлөрү б-ча машыгуучу спортсмендердин саны 1980-ж. 1-январда 21 миңге жеткен, алардын ичинен 5и «Кыргыз ССР спортунун мастери» деген наамга ээ, 162 спортсмен мастерликке кандидаттык ж-а 1-спорт разряддын нормасын толтурушкан. Улуттук спорт оюндарынан күрөш, улак тартыш, оодарыш, кыз куумай, ат чабыш, жорго салыш ж. б. эл арасында кеңири таралган. Күрөш секциясында күрөштүн классикалык түрү б-ча көптөгөн мастерлер өсүп чыкты. Нарын областынан О. Касымакунов, С. Асанов, Т. Базарбаев — тогуз коргол б-ча мыкты чеберлер. Ат-Башы р-нундагы өспүрүм-жаштар спорт мектебинде тогуз коргол б-ча атайын бөлүм ачылган.

Кыргызстандын спортсмендери СССРдин ж-а респканын курама командасынын составында чет өлкөлөрдө ири жеңиштерге жетишти. В. Андреев Испаниянын ачык чемпионатында мылтык атуу б-ча 1-орунду жеңип алган (1972, 1973); спорттун беш түрү б-ча В. Подзоров ЧСССРдин чемпиону (1976) болгон; Афганстанда балбандар, Монголия, Кампучия, Бангладеште волейболчулар, Пакистан, Гана, Малиде футболчулар спорттук мелдешти ийгиликтүү аякташкан. Кыргыз спортунун алдыңкы катарындагы мастерлери СССРдин курама командасынын составында спорттун ар кыл түрлөрү б-ча дүйнөнүн 60тан ашуун өлкөлөрүнө барышкан.

1955-ж. Кыргыз мамл. университетинин физкультура факультетинин базасында Кыргыз мамл. физкультура ин-ту ачылган. 1979-жылга карай ал ин-тта 4337ден ашуун адис даярдалган. Педагог-тренерлерди Нарын ж-а Жалал-Абад педагогикалык окуу жайларынын физкультура бөлүмү даярдайт. 1980-ж. респ-када балдардын ж-а өспүрүмдөрдүн 89 спорт мектеби болгон. Анда гимнастика, сууда сүзүү, ат спорту, жеңил атлетика, спорттук оюндар, спорттун беш түрү, футбол, күрөш ж-а бокс, велосипед спорту, фехтование ж. б. б-ча 35 миң улан-кыздар машыгат. Ал мектептердин ичинде 2 спорттук жогорку чеберчиликтин мектеби, 13 олимпиялык резервдин адистештирилген спорттук мектеби бар. 1977-ж. Респ-калык спорттук чеберчиликти арттыруучу мектептин базасында олимпиялык резервди даярдоо б-ча борбор, жалпы билим берүүчү мектептердин базасында атайын класстар түзүлгөн. Анда 1515 окуучу машыгат. 1979-ж. респ-каның 2622 физкультуралык коллективинде 639 883 адам болгон; 4 СССР спортуна эмгек сиңирген мастер, 40 эл аралык класстагы спорт мастери, 1237 СССР спортунун мастери болгон. Спорттун өнүгүшүнө ж-а спортсмендердин чеберчилигин өстүрүүдө судьялар тобунун эмгеги чоң. Алардын эң мыктыларына бүткүл союздук ж-а эл аралык категория берилген. Респ-када «Бүткүл союздук категориядагы судья» наамына 76 адам татыктуу болгон. Кыргызстандын спортто жетишкен ийгиликтеринде тренерлердин кошкон салымы чоң. Алардын эң мыктыларына «СССРдин эмгек сиңирген тренери» ж-а «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген тренери» наамы берилген. «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген тренери» деген наамды 108 адам алышты (1981). Римде болуп өткөн 17-Олимпиадада С. Мурсалимов ат спортунун үч түрү б-ча байгелүү 5-орунга жеткен (1960). Киевдеги Олимпиялык оюндарга кыргыз спортсмендеринен жеңил атлетикадан Л. Иванов, В. Корсакова, О. Барч, В. Чичаева, сууда сүзүү б-ча А. Анарбаев, фехтование б-ча А. Абушахметов катышкан.



Дүйнөлүк ж-а Олимпиялык оюндардын чемпиону К Осмоналиев ардак пьедесталында. Москва, 1980.

Кыргыз спортунун тарбиялануучулары — К. Осмоналиев, А. Мелентьев, Т. Колпакова, А. Блинов, С. Жуманазаров, М. Сысоева, А. Абушахметов, Н. Чернецкий Москвада өткөн 22-Олимпиялык оюндарга катышууга татыктуу болушкан. Олимпиялык биринчи алтын медаль пистолет м-н атууда дүйнөлүк жаңы рекордду койгон А. Мелентьевге ыйгарылган. К. Осмоналиев оор атлетика б-ча ж-а Т. Колпакова узундукка секирүү б-ча олимпиялык жаңы рекорд белгилеген. Алыс


Спорт курулмаларынын саны

Жылдар	Стадиондор (1,5 миң ж-а андан ашык орундуу)	Футбол талаалары	Волейбол, баскетбол, теннис аянтчалары
1940	1	59	252
1965	13	382	3802
1975	20	689	5092
1980	23	778	5401

Физкультурниктердин саны ж-а спортсмен-разрядниктерди даярдоо

	1940	1965	1975	1980
Физкультура коллективдеринин саны	442	1968	2477	2682
Физкультурниктердин саны (миң)	20	419	554	680
А. и. аялдар		133	195	201
Бардык берилген «СССР спортунун мастери» деген наамы (киши)		47	70	80
Берилген спорттук разряддар (миң)		77,2	161,2	223,3
а. и.:				
спорттун мастерлигине кандидаттар		0,1	0,2	0,4
1-спорттук разряд		0,7	2,0	2,9
2-, 3- ж-а өспүрүмдөрдүн спорттук разряддары		76,4	159,0	220,0

Фрунзе ш-нын 100 жылдыгын «Спартак» стадионунда майрамдоо.



аралыкка чуркоо б-ча (марафон) советтик марафончулардын Олимпиялык оюндарга катышуу тарыхында биринчи жолу С. Жуманазаров коло медаль жеңип алган. Ат спортунун үч түрү б-ча А. Блиновго командалык биринчилик үчүн алтын медаль ж-а жеке биринчиликте күмүш медаль ыйгарылган. Н. Чернецкийге советтик команданын эстафета б-ча 4×400 *м* чуркоодо алтын медалы, А. Абушахметовго командалык мелдеште коло медалы ыйгарылган. М. Сысоева да биатлонго секирүү б-ча байгелүү 5-орунду жеңип алган.

Олимпиялык оюндарда ж-а чемпионаттарда байгелүү орундарды ээлеген Кыргыз ССРинин спортсмендери

Олимпиялык оюндарда

Мурсалимов С.	ат спорту	1960
Иванов Л.	жеңил атлетика	1964
Барч О.	жеңил атлетика	1968, 1972
Абушахметов А.	фехтование	1976, 1980
Мелентьев А.	ок атуу	1980
Осмоналиев К.	оор атлетика	1980
Колпакова Т.	жеңил атлетика	1980
Блинов А.	ат спорту	1980
Жуманазаров С.	жеңил атлетика	1980
Чернецкий Н.	жеңил атлетика	1980
Сысоева М.	жеңил атлетика	1980

Дүйнөлүк чемпионатта

Андреев В.	стендде атуу	1973, 1974
Соколов В.	эркин күрөш	1971
Водоватов А.	байдаркада сүзүү	1981, 1982
Караваев Г.	велоспорт	1975
Иванов С.	велоспорт	1978
Абушахметов А.	фехтование	1977
Дунаев Л.	фехтование	1977, 1981
Тарев А.	спорттун 5 түрү б-ча	1977, 1978
Казаков В.	спорттун 5 түрү б-ча	1978
Мищуров А.	эркин күрөш	1975
Хоришко Ю.	спорттун 5 түрү б-ча	1981, 1982
Осмоналиев К.	оор атлетика	1978, 1979, 1980, 1981
Ли С.	оор атлетика	1981, 1982
Халлыев М.	самбо күрөшү	1981
Абдукадыров Э.	ат спорту	1981
Вишнев В.	самбо күрөшү	1981
Лыков Ю.	фехтование	1981, 1982
Мелентьев А.	ок атуу	1982

Европалык чемпионатта

Чернецкий Н.	жеңил атлетика	1980
Донин В.	фехтование	1971
Абушахметов А., Дунаев Л.	фехтование	1975, 1976, 1978
Анарбаев А.	сууда сүзүү	1970
Мелентьев А.	ок атуу	1972, 1973, 1974
Андреев В.	стендде атуу	1972, 1973, 1974, 1976, 1977
Хатамов В.	ат спорту	1974
Тарев А.	спорттун 5 түрү б-ча	1977
Мишуров А.	эркин күрөш	1976
Костопуло М.	эркин күрөш	1978
Осмоналиев К.	оор атлетика	1981
Аббясов Ш.	жеңил атлетика	1981
Рахматуллин Ш.	эркин күрөш	1982
Кафанова И.	баскетбол	1982
Гапоненко Н.	стендде атуу	1982
Ли С.	оор атлетика	1982
Гребнев П.	баскетбол	1982

Советтер Союзунун чемпионатында

Старченко В.	велоспорт (трек)	1967
Соболин Ю.	велоспорт (трек)	1971
Ахов А.	велоспорт (трек)	1977
Чичаева В.	жеңил атлетика	1970, 1972
Барч О.	жеңил атлетика	1973, 1975, 1978
Андреев В.	стендде атуу	1971
Гапоненко Н.	стендде атуу	1971, 1982
Павленко В.	стендде атуу	1971
Петраков В.	баскетбол	1975, 1976, 1977, 1978, 1979, 1980
Ли В.	оор атлетика	1975
Осмоналиев К.	оор атлетика	1978, 1980
Гришковец В.	бокс	1977
Мирбабаев И.	бокс	1981
Абушахметов А.	фехтование	1977
Иваненко А.	фехтование	1978
Дунаев Л.	фехтование	1979
Мелентьев А.	ок атуу	1979, 1980, 1982
Кульчунова М.	жеңил атлетика	1978, 1570
Чернецкий Н.	жеңил атлетика	1979, 1980
Мурсалимов М., Блинов А.,	ат спорту	1972, 1976, 1981
Тарев А.	спорттун 5 түрү б-ча	1980
Халлыев М.	самбо күрөшү	1980
Водоватов А.	байдаркада сүзүү	1982
Лыков Ю.	фехтование	1982
Ларионов А.	самбо күрөшү	1982
Аббясов Ш.	жеңил атлетика	1982
Назаров О.	бокс	1982
Абдыкадыров К.	бокс	1982
Яковлев А.	эркин күрөш	1982
Гусаннов С.	эркин күрөш	1982
Кашин В.	самбо күрөшү	1982
Давлетбаев Н.	дзю-до күрөшү	1982
Чернопожкина И.	ок атуу	1982
Садеков М.	оор атлетика	1982
Азимов Р.	оор атлетика	1982
Калиниченко М.	спорт гимнастикасы	1982

Эл аралык класстагы спорт мастерлери

Иванов Л. А.	жеңил атлетика	1966
Старченко В. П.	велоспорт (трек)	1967
Никифоров Э. А.	классикалык күрөш	1967
Барч О. Э.	жеңил атлетика	1968
Древина А. М.	жеңил атлетика	1968
Андреев В. М.	стендде атуу	1968
Свиридов М. А.	велоспорт (шоссе)	1971
Мелентьев А. Р.	ок атуу	1973
Абушахметов А. В.	фехтование	1974
Мишуров А. П.	эркин күрөш	1974
Шаловская Н. Г.	байдаркада сүзүү	1974
Караваев Г. М.	велоспорт (шоссе)	1975
Калеев С. Г.	велоспорт (шоссе)	1975
Ли В. И.	оор атлетика	1975
Тарев А. В.	спорттун 5 түрү б-ча	1976
Кульчунова М. Д.	жеңил атлетика	1976
Москалев В. Б.	оор атлетика	1976
Богданов О. П.	велоспорт (шоссе)	1976
Юлдашев Д. А.	оор атлетика	1976
Осмоналиев К.	оор атлетика	1976
Скоропупова Н. П.	жеңил атлетика	1977
Гришковец В. Н.	бокс	1977
Образцов В. В.	велоспорт (шоссе)	1977
Денисов Ю. М.	велоспорт (трек)	1977
Калько В. И.	велоспорт (трек)	1977
Гапоненко Н. С.	стендде атуу	1977
Старостенко Г. П.	стендде атуу	1978
Костопуло М. К.	эркин күрөш	1978
Иваненко А. Н.	фехтование	1978
Сысоева М. А.	жеңил атлетика	1979
Жуманазаров С.	жеңил атлетика	1979
Юнусов А. М.	дзю-до күрөшү	1979
Гавриш С. Н.	стендде атуу	1979
Колпакова Т. А.	жеңил атлетика	1979
Исманлов Т. Ш.	ок атуу	1980
Халлыев М. А.	самбо күрөшү	1980
Кадацкий С. Р.	велоспорт (шоссе)	1980
Киселев О. А.	велоспорт (шоссе)	1980
Костин Е. П.	велоспорт (трек)	1980
Аббясов Ш. И.	жеңил атлетика	1981
Кулешов В.	оор атлетика	1982
Курков Н.	велоспорт (трек)	1982
Ли С.	оор атлетика	1982
Рахматуллин Ш.	эркин күрөш	1982

СССР спортунун эмгек сиңирген мастерлери

Антипина А. Б.	баскетбол	1964
Иванов Л. А.	жеңил атлетика	1965
Андреев В. М.	стендде атуу	1973
Осмоналиев К.	оор атлетика	1978
Колпакова Т. А.	жеңил атлетика	1980
Мелентьев А. Р.	ок атуу	1980
Блинов А.	ат спорту	1980
Жуманазаров С.	жеңил атлетика	1981
Лыков Ю.	фехтование	1982


СССРдин эмгек сиңирген тренерлери

Мансуров П. И.	ат спорту	1957
Коган М. Е.	баскетбол	1966
Иткин С. Д.	оор атлетика	1978
Ремезов А. И.	эркин күрөш	1979
Эльтерман Л. М.	жеңил атлетика	1980
Мурсалимов С.	ат спорту	1980

Эл аралык категориядагы судьялар

Сарымсаков Н.	эркин ж-а классикалык күрөш	1973
Боярогло П. Л.	дзю-до күрөшү	1977
Овчаренко А. Н.	эркин ж-а классикалык күрөш	1980
Муратбеков А.	шахмат	1981

Эскертүү: 1981-ж. 1-январда республикада 1351 СССР спортунун мастери, 112 Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген тренери ж-а 479 республикалык категориядагы судья болгон.



1



2




3



4

5





6

Физкультура жана спорт. 1. Күрөш. 2. Оодарыш. 3. Улак тартыш. 4. Ат чабыш. 5. Бүркүтчү. 6. Кыз куумай.



К. Маркс м-н Ф. Энгельстин кыргызча чыккан эмгектери.



В. И. Лениндин кыргызча чыккан эмгектери.




1



2




3



4

5





6

Басма сөз. 1—4. «Кыргызстан» басмасынын китептери. 5. «Мектеп» басмасынын китептери. 6. Китеп базарында.

Кыргыз ССРинин спорттук рекорддору
(олимпиялык түрлөр боюнча, 1981-ж. 1-янв.)

Женил атлетика

Мелдештин түрү	Натыйжасы с, мин, сек, м, очко	Рекордсмендер	Жылы
Эркектер			
Жүгүрүү, м	10,3	Горборуков Ю.	1981
100	21,5	Горборуков Ю.	1981
200	46,72	Чернецкий И.	1978
400	1.50,2	Зубахин В.	1971
800	3.41,0	Макаров Ю.	1971
1500	13.34,8	Мочалов В.	1976
5000	28.01,0	Мочалов В.	1973
10 000			
Марафондук жүгүрүү (42 195)	2.11.16,0	Жуманазаров С.	1980
Спорттук басуу 50 000	3.52,05	Барч О.	1979
Спорттун 10 түрү б-ча	7713	Балакши Г.	1978
110 тоскоол м-н жүгүрүү	13,8	Эльтерман П.	1975
400 тоскоол м-н жүгүрүү	52,3	Хамидулин Я.	1977
3000 тоскоол м-н жүгүрүү	8.39,0	Исаков А.	1979
Эстафета 4×100	41,6	Макаров С., Горборуков Ю., Сафиуллин А., Кравцов В.	1980
4×400	3.14,5	Яценко Е., Шибков Н., Андрианов В., Кузнецов А.	1973
Секирүү:			
бийиктикке	2,24	Паклин П.	1982
узундукка	8,16	Аббясов Ш.	1981
үч аттап секирүү	17,30	Аббясов Ш.	1981
шыргый м-н секирүү	4,80	Османов Д.	1978
Ыргытуу:			
диск	59,60	Сыскин Н.	1982
найза	80,86	Базоркин В.	1972
молот	70,56	Черняков В.	1980
Ядрону түртүп ыргытуу	16,72	Малышев А.	1970
Аялдар			
Жүгүрүү, м	11.40	Древина А.	1968
100	23,08	Кульчунова М.	1976
200	50,87	Кульчунова М.	1976
400	2.04,5	Бутенко Л.	1977
800	4.17,0	Калинина Г.	1979
1500	9.10,0	Калинина Г.	1979
3000	13,7	Фролова Е.	1972
100 тоскоол м-н	1.01,7	Полякова О.	1981
400 тоскоол м-н			
Эстафета 4×100	46,8	Аксенова Л., Целуйко Н., Колпакова Т., Ахмедзянова Ф.	1975
4×400	3.38,8	Кульчунова М., Чичаева В., Бутенко Л., Супес О.	1975
Спорттун 7 түрү б-ча	5778	Власова Л.	1982
Секирүү:			
бийиктикке	1,93	Сысоева М.	1980
узундукка	7,06	Колпакова Т.	1980
Ыргытуу:			
диск	62,13	Скоропупова Н.	1976
найза	56,60	Медведева Г.	1981
Ядрону түртүп ыргытуу	15,38	Печенюк С.	1974

Оор атлетика

Салмак категориясы, кг	Мелдештин түрү	Натыйжасы, кг	Рекордсмендер	Жылы
1	2	3	4	5
52	жулкуу	110	Осмоналиев К.	1981
	түртүү	137,5	Осмоналиев К.	1979
	суммасы	247,5	Осмоналиев К.	1981
56	жулкуу	115,0	Ли В.	1976
	түртүү	140,0	Осмоналиев К.	1979
	суммасы	250,0	Ли В.	1975
60	жулкуу	122,5	Касымов Р.	1979
	түртүү	142,5	Касымов Р.	1979
	суммасы	265,0	Касымов Р.	1979
67	жулкуу	130,5	Садеков М.	1982
	түртүү	160,0	Юлдашев Д.	1976
	суммасы	292,5	Ли С.	1980
75	жулкуу	155,0	Ли С.	1982
	түртүү	195,0	Ли С.	1982
	суммасы	350,0	Ли С.	1982
82,5	жулкуу	150,0	Юлдашев Д.	1977
	түртүү	190,0	Мельник С.	1975
	суммасы	350,0	Москалев В.	1978
90	жулкуу	165,0	Грибов А.	1982
	түртүү	200,5	Москалев В.	1980
	суммасы	365,0	Грибов А.	1982
100	жулкуу	175,0	Кулешов В.	1982
	түртүү	225,0	Кулешов В.	1982
	суммасы	400,0	Кулешов В.	1982
110	жулкуу	155,0	Кулешов В.	1980
	түртүү	215,0	Кулешов В.	1980
	суммасы	370,0	Кулешов В.	1980
110 жадан ашык	жулкуу	145,0	Козлов В.	1978
	түртүү	180,5	Музыченко В.	1982
	суммасы	317,5	Леонтьев В.	1968

Ок атуу спорту

Мелдештин түрү	Натыйжасы, очко	Рекордсмендер	Жылы
Эркектер			
МП-6	581	Мелентьев А.	1980
ПП-3	582	Мелентьев А.	1982
МП-8	595	Климашевский В.	1972
МВ-6	1169	Исмаилов Т.	1980
МВ-9	599	Исмаилов Т.	1981
ВП-6	562	Исмаилов Т.	1981
Аялдар			
МВ-5	574	Ананьева Г.	1981
МВ-9	595	Стасилевич Н.	1966
ВП-4	390	Черноножкина И.	1982
МП-5	582	Ырсалиева З.	1981
ПП-2	383	Смирнова Н.	1981

Стендде атуу

Мелдештин түрү	Натыйжасы, очко	Рекордсмендер	Жылы
Траншеялык стенд			
Эркектер			
Т—5 (100)	99	Шипигусев А.	1981
Т—6 (150)	147	Шипигусев А.	1979
Т—7 (200)	196	Шипигусев А.	1981
К—5 (100)	99	Андреев В.	1977
К—6 (150)	148	Андреев В.	1977
К—7 (200)	199	Гапоненко Н.	1982
Аялдар			
Т—5 (100)	91	Струц Л.	1976
Т—6 (150)	137	Трускова М.	1981
Т—7 (200)	181	Струц Л.	1979
К—5 (100)	94	Белецкая И.	1981
К—6 (150)	143	Белецкая И.	1981
К—7 (200)	186	Белецкая И.	1981
Командалык рекорддор			
траншеялык стенд			
4×150	558	Шипигусев А., Палий А., Фрезе А., Горькавый А.	1979
тегерек стенд			
4×150	572	Меденников С., Гавриш С., Гапоненко Н., Старостенко Г.	1981

Жаа м-н атуу

Мелдештин түрү	Натыйжасы, очко	Рекордсмендер	Жылы
Эркектер			
М—1	1243	Рейхерт А.	1981
90	281	Рейхерт А.	1981
70	311	Рейхерт А.	1981
50	318	Челомбитько С.	1981
30	343	Челомбитько С.	1979
М—2	2476	Рейхерт А.	1980
90+90	556	Рейхерт А.	1981
70+70	607	Рейхерт А.	1981
50+50	635	Челомбитько С.	1981
30+30	690	Челомбитько С.	1981
Аялдар			
М—1	1168	Шорина И.	1981
70	281	Шорина И.	1981
60	293	Шестун Н.	1981
50	289	Шорина И.	1971
30	329	Шорина И.	1980
М—2	2321	Шорина И.	1981
70+70	554	Холодова Л.	1977
60+60	582	Хрипченко И.	1978
50+50	575	Шорина И.	1971
30+30	640	Шорина И.	1978

Сууда сүзүү

Аралыгы, *м*	Натыйжасы, *мин, сек*	Рекордсмендер	Жылы
Эркектер			
100 эркин сүзүү	54.5	Анарбаев А.	1969
200 эркин сүзүү	1.58,17	Петунин А.	1982
400 эркин сүзүү	4.00,76	Крышин С.	1982
1500 эркин сүзүү	15.44,75	Крышин С.	1982
100 чалкасынан сүзүү	1.03,21	Солошенко Е.	1979
200 чалкасынан сүзүү	2.17,71	Дремин А.	1982
100 баттерфляй	57,96	Дремин А.	1979
200 баттерфляй	2.03,30	Дремин А.	1979
100 брасс	1.09,7	Суслов В.	1979
200 брасс	2.34,0	Суслов В.	1980
200 комплекстүү сүзүү	2.12,91	Дремин А.	1979
400 комплекстүү сүзүү	4.43,11	Дремин А.	1978
4×100 эркин сүзүү	3.47,39	Чунченко А., Лещев А., Шкуренко С., Петунин А.	1981
4×200 эркин сүзүү	8.02,94	Чунченко А., Оградов А., Лещёв А., Петунин А.	1979
4×100 комбинацияланган эстафета	4.12,11	Солощенко Е., Пряхин А., Дремин А., Клименко М.	1979
Аялдар			
100 эркин сүзүү	1.00,5	Бунина Н.	1981
200 эркин сүзүү	2.07,71	Бунина Н.	1981
400 эркин сүзүү	4.24,30	Бунина Н.	1982
800 эркин сүзүү	9.01,97	Бунина Н.	1982
100 чалкасынан сүзүү	1.10,76	Кабанен Т.	1977
200 чалкасынан сүзүү	2.31.75	Кабанен Т.	1977
100 баттерфляй	1.12,0	Моторина И.	1977
200 баттерфляй	2. 41,2	Камнева Т.	1982
100 брасс	1.19,1	Осачук К.	1982
200 брасс	2.44,81	Осачук К.	1982
200 комплекстүү сүзүү	2.30,8	Садова С.	1979
400 комплекстүү сүзүү	5.16,8	Садова С.	1979
4×100 эркин сүзүү	4.12,69	Бунина Н., Шапхметова Л., Захарова Л., Осачук К.	1982
4×100 комбинацияланган эстафета	4.48,11	Захарова Л., Осачук К., Рубцова Е., Бунина Н.	1982

Велосипед спорту


Аралыгы	Натыйжасы, *мин, сек*	Рекордсмендер	Жылы
Гит 1000 *м* ордунан	1.07,595	Ковтун С.	1982
4 *км* жекече кубалап жарышуу	4.48,287	Курков Н.	1981
4 *км* команда болуп кубалап жарышуу	4.31,03	Вокун С., Фролов Н., Курков Н., Костин Е.	1981

Д. Омурзаков

Туризм. Кыргызстандын табигый шарттары уюмдашкан, оздук ж-а спорттук туризмди өнүктүрүү б-ча абдан ыңгайлуу. Биринчи альпинисттик-туристтик топтор ж-а айрым туристтер Кыргызстандын тоолоруна 19-к-дын аяк ченинен эле чыга баштаган. 1927-ж. дантист О. Герчишкин Пржевальскиде Пролетардык туризм коомунун секциясын уюштурган (ал 1930-ж. Пролетардык туризм м-н экскурсияның Бүткүл союздук коому деп кайра аталган). 20-жылдарда Чаткал тоолоруна А. Пиотухтун тобу туристтик маршрутту салган. 20-жылдардын аягында Фрунзе шаарындагы мектептин мугалими М. Студенцов окуучулар м-н Кыргыз Ала-Тоосуна бир нече жүрүш жасап, Ала-Арча суусунун алабындагы моңгулуу ж-а шалбаалуу зоналарын изилдеген. 30-жылдарда мугалим-турист А. Соболин Пионер чокусуна (4 050 *м*), ал эми КМПИнин мугалими В. Озаровский баштаган туристтер тобу Комсомол чокусуна (4 140 *м*) чыккан. Кыргызстан обком комсомолунун 1935-ж. жайында түрдүү маршрут б-ча чыккан үч колоннасынын геологиялык жүрүшү Кыргызстанда уюмдашкан туризмдин өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Ошол мезгилден тартып туристтик жүрүшторго катышуучулардын саны көбөйө баштаган. 1940-ж. Фрунзеде Казакстан туристтик-экскурсиялык башкармасынын филиалы ж-а Кыргызстандагы биринчи туристтик база—Туристтер үйү түзүлгөн.

1945-ж. Физкультура ж-а спорт б-ча респ-калык комитетте туризм ж-а альпинизм б-ча болүм ачылып, ал инструкторлорду даярдоодо, материалдык базаны түзүүдө, туризм м-н альпинизмди пропагандалоо б-ча активдүү иш жүргүзгөн. 1946-ж. 20-январда 10 лыжачы

Теке-Торго чыгуу. Ала-Арча капчыгайы.





Туристтер тоодо.

турист 800 *км* аралыкка Кыргызстандын бийик тоолору б-ча 20 күндүк жүрүшкө чыгышкан. Ошол кезде Фрунзе ж. б. шаарларда туристтик-альпинисттик секциялар ачылган. 1959-ж. Кыргызсовпрофтун алдында Туристтик-экскурсиялык башкарма ачылып, пландуу туризмдин өнүгүшү башталган: Фрунзеде, Шамшы капчыгайында туристтик базалар уюштурулуп, Ысык-Көлдүн жээгиндеги Тору-Айгыр кыштагына жакын жерде туристтер токтоочу жай түзүлгөн. Туризм федерациясы Кыргызсовпрофтун колдоосу м-н 1959-ж. коомдук туристтик кадрларды даярдоодо методикалык борбор болгон туристтик клуб ачкан. Кыргыз ССР элге билим берүү министерствосунун системасында Балдардын борбордук экскурсия-туристтик станциясынын ачылышы туристтик база-станциялардын тармагын уюштырууга көмөкчү болгон. База-станциялар балдар арасында туристтик-край таануу иштерин баштаган. Анын демилгеси б-ча жыл сайын рев-ялык, каармандык ж-а эмгек даңкы жерлерине массалык жүрүштөр өткөрүлүп турат. 1962-ж. Кыргызстан туристтик-экскурсиялык башкармасы туризм б-ча респ-калык совет болуп кайра түзүлгөн. Советтин иш-аракети туризмдин дүркүрөп өнүгүшүнө жардам берди: эски базалар кеңейтилип, жаңы базалар курулган — «Фрунзе» (Фрунзе ш-нда), «Улан», «Кырчын», «Ысык-Көл» (Ысык-Көлдө), «Сары-Челек», «Арстанбап», «Ош» (Ош обл-нда). Ысык-Көлдүн түн. жээгине «Казакстан» турбазасы түзүлгөн. 1969-ж. КПСС БК, СССР Министрлер Совети м-н ВЦСПСтин «Өлкөдө туризм менен экскурсиянын өнүгүшүн мындан ары да жакшыртуу» жөнүндөгү токтомунан кийин пландуу туризм өнүктү. Фрунзе шаарында «Интурист» коомунун филиалы жана Кыргызстан ЛКЖС БКнын алдында Эл аралык жаштар туризминин «Спутник» бюросу ачылды.


ВЦСПСтин секретариаты, Туризм ж-а экскурсия б-ча борбордук совети ж-а Бүткүл союздук ыктыярдуу спорт коомунун совети 1976-ж. 16-июнда «Өз демилгелүү туризмди мындан ары жакшыртуу жөнүндө» кабыл алган токтом Кыргызстанда туризмдин өнүгүшүнө түрткү болду. 1977-ж. респ-калык ж-а обл. туризмдин федерациялары түзүлүп, ө. ж. ишканалар м-н мекемелерде, окуу жайларда, колхоздор м-н совхоздордун физкультура коллективдеринде туристтик клубдар, секциялар ачылган. Кыргызстанда тоо, жоо жүрүү, суу ж-а спелеотуризмдер тез өнүгүүдө. О. Азияда туризм б-ча биринчи спорт мастери А. И. Бондаренко, спорт мастерлери Б. Р. Маречек, В. М. Гапоненко, Л. В. Шевченко, Ю. Е. Альков, спорт мастерлигине кандидаттар З. М. Вдовкина, С. В. Лещев, И. И. Евтушенко, Р. Д. Бекмамбетов, М. Б. Айзин, В. И. Жумар, Л. Я. Туполова ж. б. Кыргызстанда туризмдин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Жыл сайын дем алыш күнү жүрүшкө, экскурсияга, көп күндүк саякатка ж-а экспедицияларга катышкан туристтердин саны көбөйүүдө. 1982-ж. 1 млндон ашык адам экскурсияга ж-а туристтик жүрүшторго катышкан. Ысык-Көлдүн жээги ж-а аны курчаган тоолор, Борбордук ж-а Түн. Тянь-Шандын кырка тоолору, Фергана өрөөнүнүн сейрек кезигүүчү жаңгак-мөмө токойлуу р-ндору туристтерди өтө кызыктырат.

Б. Р. Маречек

Ад.: Өмурзаков Д., Мусин Ю., Киргизские народные игры, Фр., 1973, 88 с.; Бектенов З., Мусин Ю., Кыргыздын элдик оюндары, Фр., 1978, 137 б.; Өмурзаков Д., Каримбаев Т., Жеңиштүү километрлер, Фр., 1981, 60 б.; Өмурзаков Д., Спортивная Киргизия, Фр., 1976, 103 с.; его же. Киргизстан навстречу Спартакиаде и Олимпиаде, Фр., 1979, 72 с.

Туризм. Детский горный туризм, Пржевальск, 1970, 50 с.; Рукавишников В. И., Озеро Иссык-Куль и хребет Тескей Ала-Тоо, М., 1970, 120 с.; Маречек Б. Р., Туристские маршруты по Северу Киргизии, Фр., 1968, 102 с.; ошонуку. Туризм — бул ден-соолук, Фр., 1975, 36 б.; Третьяк И. И., Туристские маршруты в горах Тескей Ала-Тоо, Фр., 1971, 138 с.; Туристские маршруты по Киргизии. Фр., 1974, 70 с.; Попов В. Н., Западный Тянь-Шань, М., 1978, 137 с.

ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ



Кыргыз мамл. медицина институту. Лекция учуру.

Улуу Октябрь соц. революциясына чейин Кыргызстанда негизинен конфессионалдык мектептер гана болуп, аларда балдарды мусулман диниңе окутушкан. Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясынын маалыматтарына караганда 1909-ж. Пишпек уездинде 14, Пржевальск уездинде 11, ал эми мусулман динининн таасири күчтүү тараган Түш. Кыргызстанда 169 мектеп болгон. Окуучулар сыз тамдарда жерге олтуруп алып, бир ыргакта теңселе, мугалимдин оозунан чыккан «Куран», «Аптиек», «Чаркитеп», «Сопу-Аллаяр» ж. б. диний китептердеги түшүнүксүз араб сөздөрүн үн чыгара кайталап окушкан. Араб ж-а фарс тилинде жазылган мындай китептердин мазмунун окуучулар эмес, көп учурда мугалим-молдолор да түшүнө беришкен эмес. Бул мектептер диний фанатизм ж-н түркөйлүктү жайылтуунун булагы болгон. Кыргызстанда 256 конфессионалдык мектеп болгондугуна карабастан, аның тутам сабатсыз өлкө б-ча кала бериши бекеринен эмес. 19-к-дын 2-жарымында исламдын диний идеологиясында диний-реформдо 2 топ — жадидчилер ж-а кадимчилер топтору түзүлгөн. Кадимчилер эски ыкмадагы ж-а эски мазмундагы схоластикалык мектептерди («усули кадим») колдошкон. Жадидчилер жаңы пайда болуп келе жаткан мусулман буржуазиясынын өкүлдөрү болгондуктан, эски мектеп системасын өз табының максатына ыкташтырууга аракеттенишкен. Алар негизинен жаңы методдогу («усули жадид») мектептердин тарабында болуп, окутууда тамга үйрөтүү ыкмасынын ордуна үн үйрөтүү ыкмасын киргизип, окуунун диний мазмунун өзгөртпөстөн планга кээ бир граждандык сабактарды кийгизүүнү талап кылган. Жаңы ыкмадагы мектептердин негизги милдеттеринин бири граждандык билимдерди дин тында атайын дин үгүтчүлөрүн даярдоо болгон. Жадидчилердин таасири астында Кыргызстанда жаңы ыкмадагы 4 мектеп уюшулган: Пишпекте «ишгидат медресеси», Токмокто «ижбалий медресеси», Чоң-Кеминде (Тар-Суу) «Шабдан медресеси» ж-а Пржевальскиде Гаспринский атн. мектеп ачылган. Жаңы ыкмадагы мектептердин жумалык педагогикалык 25 саатынын 20сы «Куранды» (мусулмандардын ыйык тарыхы), динге байланыштуу ж. б. китептерди окутууга, калган 5 сааты гана арифметика, география ж-а жалпы билим берүүчү башка сабактарды окутууга бөлүнгөн.

Кыргыздардын үй-бүлодогу тарбиясынын таянычы элдик педагогиканын салттары болгон. Кыргыз элинин өз алдынча маданияты ж-а элдик педагогикасынын салттары илгертен эле Россиянын прогрессчил окумуштууларынын (Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов, Ф. В. Поярков ж. б.) көңүлүн бурун келген. Белгилүү этнограф А. А. Диваев (1856—1932) кыргыздардын эл чыгармачылыгынын эстеликтерин жыйнаган. Кийинчерээк ал Жети-Суу ж-а Сыр-Дарыя областтарындагы кыргыздардын турмушунун этнографиялык ото бай материалдарын классификациялап, «Кыргыздар жана кара кыргыздар» (макал-лакаптар), «Кара кыргыздардын келин чыгышы жөнүндө уламыш», «Кыргыз балдарынын оюндары» ж. б. атайын эмгектерин жарыялаган. Эмгекчи элге мүнөздүү болгон жүрүм-турум нормаларын иштеп чыгууда ж-а жеткинчектерди чыңдыкка, адилеттүүлүккө, эмгектенүүгө ж-а улууларды урматтоого тарбиялоодо эл жомокторунун, макал-лакаптарынын ото зор маанисн болгон. Тарбиялоодогу элдин акылмандуулугунун дагы бир булагы токмо акындардын ж-а жомокчулардын чыгармачылыгы болгон. Акын-демократтар Токтогул Сатылганов (1864—1933) ж-а Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов, 1860—1942) өзгөчө орунду ээлеп, алардын педагогикалык идеясы жаштарга правалык тарбия берүүдө ото маанилүү булактардан болуп калган.

Кыргызстан өз ыктыяры м-н Россиянын составына кошулгандан кийин орус келгиндеринин көчүп келишинен улам граждандык мектеп ж. б. окуу жайлары пайда боло баштаган. Кыргызстандын аймагында биринчи орус башталгыч мектеп 1874-ж. Караколдо уюштурулган. Ушундай эле башталгыч мектептер 1876-ж. Ошто, 1879-ж. Пишпекте, 1880-ж. Токмок м-н Беловодскийде, 1882-ж. Кара-Балта м-н Сокулукта ачылган. 80-жылдардын ортосунда Кыргызстанда башталгыч чиркөө мектептеринин тармагы пайда болуп, алардын саны 23кө жеткен. Негизинен Пишпек ж-а Пржевальск уездеринде ачылып, окуучулардын жалпы саны 1500дөй адамдан турган. Ошол эле жылдарда Россияда орустузем мектептери уюшула баштаган. 1914-жылдын башында Кыргызстандын азыркы аймагында Талас, Пишпек, Токмокто биринчи ж-а экинчи, Александровка, Сокулук, Тынай, Пржевальскиде биринчи ж-а экинчи, Нарын, Ат-Башы, Сазановка, Покровка, Кетмен-Тобо ж-а Ошто орус-түзем мектептери болгон. Ал мектептердин бардыгы эле кыргыз балдарына арналган эмес. 15 орус-түзем мектебинин ону кыргыз, үчөө дунган ж-а экөө татар балдарына арналып, 7 мектепте интернат болгон. Бул мектептерде 300дөй эркек балдар гана окуган. 1914-ж. Токмок м-н Пржевальскиде атайын орус-түзем кыздар мектеби ачылып, аларда 42 кыз окуган. Орус-түзем мектептери белгилүү даражада прогресстик маанеге ээ болгон: алар жерг. жаштарды орус тилине үйрөтүп, ал аркылуу орус маданиятын м-н тааныштырган. 1914-ж. Кыргызстандын бардык 800 миң киши сине ар түрдүү типтеги 107 орус мектеп туура келип, аларда 7041 окуучу окуган, а. и. 574 гана кыргыз болгон.

Кыргызстанда жогорулатылган билим берүүчү окуу жайлар 19-к-дын аягына чейин болгон эмес. Биринчи прогимназиялар 1897-ж. Пишпекте, 1898-ж. Пржевальскиде уюшулган. Кыргызстанда жалгыз гана гимназия (эркектер үчүн) 1910-ж. Пишпекте ачылган. Гимназияга устав б-ча формалдуу түрдө ар кандай даражадагы, улуттагы ж-а диндеги балдар кабыл алынууга тийиш болгондугуна карабастан, кыргыздын эмгекчи калкы өз балдарына гимназиялык орто билим берүү мүмкүнчүлүгүнөн ири жүзүндө ажыраган болчу. Окт. рев-ясына чейин орто билим алган кыргыздар (тоболдордун балдары) бирдеи саналган. Революцияга чейин Кыргызстанда 216 гана мугалим болгон. 35 жылдын ичинде (1879—1914) Түркстан мугалимдер семинариясын 455 адам бүтүрүп, анын 53ү ошол кезде «туземдер» деп аталган жерг. улуттардын өкүлдөрү болгон, бирок алардын арасында бир да кыргыз болгон эмес. Падышалык өкмөт эл агартууга өтө эле аз каражат бөлүштүргөн. 1915-ж. Түркстан крайынын жалпы бюджетиндеги 25 млн сомдун 575 миңи же 2,3% эл агартууга бөлүнгөн, анын ондон бири гана жергиликтүү калктын муктаждыктарына сарпталган. Айрым үездерде эле билим берүүгө жумшалчу каражат киши башына эсептегенде 0,3 тыйындан 3,9 тыйынга чейин туура келген. Мис., 1905-ж. бүткүл Ош уездинин агартуу ишине 920 сом гана жумшалган. В. И. Лениндин мүнөздөмөсү б-ча падышалык Россиянын эл массасы «...Маалымат, жарык жана билим жагынан ушунчалык талоончулукка учураган...» (Чыг., кырг. 1-бас., 19-т., 113-б.). 1897-жылкы эл каттоонун жыйынтыгы б-ча Кыргызстанда элдин 3,1%, а. и. кыргыздардын 0,6%, ал эми аялдардын арасында бирин-серини гана сабаттуу болгон.

Улуу Окт. соц. рев-ясы кыргыз элинин рухий байлыгының гүлдөшүнө кеңирн мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, Кыргызстандын жаңы соц. маданиятынын ж-а агартуусунун алгачкы башаты болуп калды. Совет бийлигинин рев-ячыл закондорунун алгачкы актыларынын бири эл агартуу маселелери б-ча декреттер болду. 1917-ж. 9-ноябрда В. И. Ленин Эл агартуу б-ча мамл. комиссиянын түзүү ж-догу декретке кол койгон. Түркстан республикасынын өкмөтү 1918-ж. 14-майда: «Советтердин крайлык 5-съездинин эркин аткаруу үчүн бирдиктүү жалпы элдик мектептерди токтоосуз уюштуруу иши башталды. Түркстан Совет Республикасынын мектептеринин кайсы гана классына болбосун кирүүнүн бирден бир шарты окуганды каалоо гана болуп саналат»,— деп жарыялаган. 1918-ж. 17-августта Түркстан республикасынын ЭКСи «Түркстан крайында эл агартуунуу уюштуруу жөнүндөгү жобону» республикалык БАКтын бекитүүсүнө сунуш кылган. Падышачылыктын мезгилинде билим алуудан өксүгөн кыргыз эли окууга демилгелүү киришкен. Сов. мектептерди уюштуруу иштери массалык түрдө жүргүзүлө баштаган. 1923-ж. Кыргызстанда 20 миңден ашык окуучу бар 327 мектеп (а. и. 251 кыргыз мектеби) иштеген.



Орус-түзем мектебинин окуучулары. 1911.

Кыргызстанда кыздардын атайын мектептери уюшулуп, анда сайма сабоо, килем токуу ж-а кийим тигүү б-ча сабактар өтүлгөн. Аялдарга билим берүүнү өнүктүрүү паранжы кийүү, калыңга сатуу сыяктуу зыяндуу салттардын жоюлушуна шарт түзгөн. Түркстан БАКы 1923-ж. 27-январда сов. алгачкы мектептерде окуган кыздар үчүн бир топ жеңилдиктерди берген. 1926-ж. БАКтын алдында аялдардын эмгеги ж-а турмуш тиричилигин жакшыртуу б-ча комиссия, Эл агартуу комиссариатынын алдында аялдарга билим берүү маселелери б-ча инспекторлордун штабы уюшулган. Кыргыз элинин көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушу эске алынып, кыргыз малчылардын балдары үчүн арналган көчмө, кыдырып жүрүүчү мектептер, класстар ж-а мектеп-филиалдары түзүлгөн.

Сов. жаңы мектеп жаңы мугалимди талап кылган. 1919-жылдын башында кыргыз мектептеринин 300дөн ашуун мугалими Верныйдагы мугалимдер курстарында даярдоодон ж-а кайра даярдоодон өтүшкөн. Ал эми 1919-жылдын орто ченинде педагогикалык алгачкы курстар Кыргызстандын өзүндө ачылып, Пишпектеги биринчи 6 айлык мугалимдер курсун 95 адам бүтүп чыккан. О. эле курсту Токмоктон 60 мугалим бүтүрүп, аның ону аял болгон. Алар кыргыздын алгачкы мугалим аялдары эле. Совет бийлигинин бир аз жылдарының ичинде эле ар түрдүү курстардан 670тен ашуун мугалим даярдалган ж-а билимдерин өркүндөтүшкөн; алардын тең кыргыз болгон. Сов. алгачкы мектептердин белгилүү мугалимдери: Э. Сүтчеров, Б. Шадыканов, А. Аралбаев, А. Н. Ливерко, М. Жаңыбаев, К. Карымбаев, М. С. Буйко, З. Кыдырбаев, У. Акмадуллин, А. Рыскелдиев, Д. Шамгунов ж. б.

1924-жылдын аягында Академиялык борбор түзүлүп, аның базасында Кара-Кыргыз илимий комиссиясы уюшулган. Бул уюмдар улуттук тилдин негизинде алфавитти иштеп чыгууда, адабий тилдин нормаларын өнүктүрүүдө, коомдук-саясий, укуктук ж. б. тармактар б-ча терминологияны түзүүдө зор иштерди аткарган. О. Азиядагы улуттук-мамл. бөлүнүүдөн кийин Кыргызстандын мектеп тармагы бир кыйла тездик м-н өнүгө баштаган. 1929—30-окуу жылында респ-канын шаарларында 77, айыл-кыштактарында 523 мектеп иштеген. Мектептер респ-канын эң алыскы булуң-бурчтарында да уюшула баштаган. Кыздардын сабаттуулугу үчүн талыкпай күрөшүүнүн натыйжасында 1927—28-окуу жылында респ-канын мектеп окуучуларынын жалпы санынын 18,5%ин кыргыз, 18%ин уйгур, 16,2%ин өзбек кыздары түзгөн. 1925-ж. 25-октябрда Пишпекте жаңы типтеги окуу жайы — Эл агартуу ин-ту ачылып, кийин ал Педагогикалык техникумга айланган. Бул окуу жайынан композитор А. Малдыбаев, акын Ж. Боконбаев, драматург К. Жантөшев, сүрөтчү Г. Айтиев ж-а партиялык, сов. көптөгөн жетекчи кызматкерлер билим алган. 1927—28-окуу жылынын башында Фрунзе педагогикалык жумушчулар факультети (рабфак) ачылып, анда 60 адам окуган; 1929—30-окуу жылында жумушчулар факультетинде 162 адам окуп, алардын 103ү кыргыз болгон. 1926-жылдан Ош — Жалал-Абад педтехникуму иштей баштаган. 1925-ж. курстар аркылуу кыргыз мектептери үчүн 276, орус мектептери үчүн 96 мугалим даярдалган. 1928-ж. Кыргызстанда мугалимдердин саны 1273кө жетип, аның 553ү кыргыз болгон.

ВКП(б) БКнын, СССР БАК м-н ЭКСинин токтомуна ылайык Кыргыз АССР БАКы м-н ЭКСинин 1930-ж. 19-сентябрдагы бириккен заседаниесинде «Кыргыз АССРинин аймагында жалпыга милдеттүү окутууну киргизүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынган. Бул

Калктын 9 жаштан 49 жашка чейинкилеринин сабаттуулугу (процент м-н, эл каттоолордун маалыматтары б-ча)

	1897	1926	1939	1959	1970	1979
Бардыгы . . .	3,1	16,5	79,8	98,0	99,7	99,8
а. и.:						
эркектер . . .	5,0	23,9	84,9	99,0	99,8	99,9
аялдар	0,8	8,4	74,4	97,0	99,6	99,8

токтомду ишке ашыруунун натыйжасында 1931-ж. октябрда Кыргызстандын мектептеринде оз эне тилдеринде 48 миңден ашуун кыргыз, 32 250 орус, 5 миңден ашуун украин, 8 миңдей өзбек, тажик, дунган ж. б. улуттардын окулдөрү окуган. Балдарга милдеттүү түрдө жалпы билим берүү м-н бирге чоң кишилердин сабатсыздыгын жоюу б-ча да зор иштер аткарылган. Мектептер м-н сабатсыздыкты жоюу класстарында окутуу кыргыз жазмасынын алгач араб (1924), 1928-жылдан латын, 1940-жылдан орус графикасынын негизинде жүргүзүлгөн. 1935-ж. 9-февралда СССР ИАнын Кыргызстандын табигый ресурстарын пайдалануу б-ча откорүлгөн 2-конф-ясында СССР илимдер академиясынын президенти, орустун атактуу окумуштуусу А. П. Карпинский «Мурда Кыргызстанда сабаттуулар 1% болгон, азыр 60%ке жетти, жалпыга милдеттүү түрдө билим берүү бардык жерде киргизилди, жаштардын кыйла болүгү жогорку окуу жайларында окуп жатышат. Оз тагдырын озү чечүү укугу деген дал ушуну билдирет»,— деген. Экинчи беш жылдыкта Кыргызстанда 673 миңден ашуун адам сабаттуулукка ээ болгон. 1939-жылдын башында респ-канын эмгекчилеринин 70% сабаттуулукка жетишкен.

1940-жылга чейин жогорку ж-а атайын орто билим берүүчү окуу жайлардын тармактары бир кыйла жогорулады. 1932-ж. уюшулган Кыргыз мамл. педагогика ин-ту респ-канын эң алгачкы жогорку окуу жайы болгон. 1933-жылы Фрунзедеги политехникумдун базасында Кыргызстан зооветеринариялык ин-ту ачылып, кийин ал К. И. Скрябин атн. а. ч. ин-туна айланган. 1939-ж. сентябрда СССР ЭКСтин токтомуна ылайык Кыргыз мамл. медицина ин-ту иштей баштаган. 1935-ж. Фрунзеде, 1939-ж. Ошто ж-а 1940-ж. Пржевальскиде мугалимдер ин-ттары ачылган. Респ-канын 5 жогорку окуу жайында 2000 студент болуп, аның 1368и педагогикалык ж-а мугалимдер ин-ттарында, 450сү а. ч. ин-тунда, 190у медициналык ин-тта окуган. 28 техникумда ж. б. атайын орто окуу жайларында 5490 адам болуп, а. и. педагогдук адистикке 1824, а. ч. адистигине 1702, о. ж. соода адистигине 975, медициналык адистикке 956 киши окуган. Респ-канын педагогикалык кадрларга болгон муктаждыгын канааттандырууда РСФСРдин жардамы баа жеткис болгон. РСФСР эл агартуу комиссариаты 1937-ж. Кыргызстанга жогорку билимдүү 159, 1939-ж. 124 мугалим жиберген ж-а андан кийинки жылдары да борб. жогорку ж-а педагогикалык орто окуу жайларын бүтүргөн 100—150дөн адисти жыл сайын жөнөтүп турган. 1940-ж. мугалимдердин саны 11,5 миңге жеткен. Окутуу-тарбиялоо ишинин жогорку сапаты үчүн 59 мугалим орден ж-а медалдар м-н, 140 мугалим Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары ж-а Грамоталары м-н сыйланышкан. 1939—40-окуу жылынын башында Кыргызстандын 1754 мектебинде 316 718 окуучу окуп, аның 162 750сү кыргыз болгон. Мунун озү 1930-жылга салыштырганда 3,5 эсеге, рев-яга чейинкиге салыштырганда 48 эсеге коп эле. Респ-канын эл агартуудагы үлгү болорлук жетишкендиктеринен улам Чет өлдер м-н маданий байланыштардын бүткүл союздук коому 1938-ж. 10-октябрда Кыргызстандын Эл агартуу комиссариатын Нью-Йоркто ачылган «Кыргыз ССРинин эл агартуусу» аттуу коргозмого катышууга чакырган. Эл агартуу комиссариаты тарабынан коргозмого окуучулук 70 дептер, балдар тарткан 34 сүрөт, 41 чийме, студенттердин 14 дипломдук долбоору, Кыргызстандын илимий-изилдөө мекемелери тарабынан 16 эмгек, кыргыз мектептери үчүн кыргыз ж-а орус тили б-ча 30 наамдагы оригиналдуу окуу китептери жиберилген.

Улуу Ата Мекендик согуштун күчөп турган мезгили 1943—44-окуу жылында да кыйынчылыктарга карабай респ-канын мектептеринде 235 413 (жалпы пландын 98%) окуучу окуп, анын 125 835и кыргыз болгон. Эл агартууга белүштүрүлгөн каражат согуштун оор жылдарында да көбөйүп турган. Эгер 1940-ж. ар бир окуучуга орто эсеп м-н жылына 306 сом сарпталган болсо, 1944-ж. бул чыгым 432 сомго жеткен. Мугалимдерди курстарда даярдоо согуштун бардык жылдарында улантылган. 1942—45-ж. кыска мөөнөттүү курстарда 5259 мугалим даярдалып, анын 4950сү кыргыз болгон. Согуш жылдарында педагогика ин-тун 426 (а. и. 29у кыргыз), мугалимдер ин-тун 709 (а. и. 200 кыргыз) ж-а педагогика окуу жайларын 1126 адам (а. и. 350 кыргыз) бүтүргөн. Респ-канын педагогикалык кадрлары согуш жылдарында эвакуацияланган адистердин эсебинен да толукталган. Кыргызстанга эвакуацияланып келген 1124 адистин 959у мектептерде, 121и балдар үйлөрүндө иштеген. Кыргызстанга көчүрүлүп келген П. Ф. Лесгафт атн. Ленинград физкультура ин-ту, Ростов университети, Харьков медицина ин-ту ж. б. иштеп турган. Андан сыртқары респ-кага 24 балдар үйү ж-а мектепке чейинки мекемелер эвакуацияланып, аларда 1572 бала тарбияланган. Согуш жылдарында окуучулардын коомдук пайдалуу эмгеги болуп көрбөгөндөй деңгээлге жеткен. Колхоздордогу түшүм жыюу иштерине 100 миң окуучу жардам берип, балдардын бул патриоттук күймылын 3 миң мугалим жетектеген. 1944-ж. пионерлер м-н мектеп окуучулары (42 216) мал чарбасында туутка катышып, толду ирдентүүнү шефке алышкан. Согуштун эки жылынын ичинде эле мугалимдер м-н окуучулар танк колоннасын куруу үчүн 4 млндон ашуун сом; 362 т металл сыныктарын, 21 миң даана жылуу кийим жыйнап, Кызыл Армиянын жоокерлерине 5147 посылка жиберип, фронттогулардын үй-бүлөлөрүнө жардам үчүн 1 млн сомдон ашык акча чогултушкан. 1944-ж. респ-канын мектептеринде 14 580 комсомолду бириктирген 237 комсомол уюму иштеген.

Жалпы билим берүүчү бардык түрдөгү мектептер

Окуу жылынын башталышына карата	мектептердин саны	Окуучулардын саны, миң	Мугалимдердин саны, миң
1914—15	107	7,0	0,216
1928—29	547	47,5	1,3
1940—41	1698	333,8	11,6
1965—66	2056	628,7	34,7
1975—76	1777	857,7	52,3
1980—81	1728	888,8	57,1

Согуштан кийинки 1-беш жылдык (1946—50) элге билим берүү тармагында ВКП(б) БКнын идеологиялык маселелер, мектептерде окутуу-тарбия ишинин сапатын

Кесиптик-техникалык орто окуу жайлары

	1970—71	1975—76	1980—81
Кесиптик-техникалык орто окуу жайларынын саны . .	6	12	69
Окуучулардын саны, миң . .	1,7	14,3	33,8

андан ары жогорулатуу маселелери б-ча токтомдорун ишке ашыруу максаттарына ылайык өткөн. Беш жылдыктын аягында окуучулар контингентинин согушка

Жогорку ж-а атайын орто окуу жайлары

	1932—33	1940—41	1965—66	1975—76	1980—81
Жогорку окуу жайларынын жалпы саны . . .	2	6	8	9	10
Алардa окуган студенттер	233	3043	32227	50152	55406
Атайын орто окуу жайларынын жалпы саны . .	14	33	36	38	41
Алардагы окуучулар . .	1252	5960	31756	44251	49446

чейинки деңгээли калыбына келтирилген (1950—51-окуу жылында 1638 мектепте 328 858 адам окуган). Мугалимдердин саны 1940-жылкы 11 484төн 1950-ж. 16 342ге көбөйгөн.

Респ-када элге билим берүү ишин андан ары жакшыртуунун чаралары ж-дагу маселе 1946-жылдын аягында Кыргызстан КП(б) БКнын 19-пленумунун талкуусуна коюлган. Кыргызстан КП(б) БК ВКП(б)-нин Уставына ылайык 3 коммунист болгон учурда мектептерде өз алдынча баштапкы партуюмдарды түзүүгө көрсөтмө берген. 1949-жылдын башында респ-канын мектептеринде партиянын 2500 мүчөсүн ж-а мүчөлүккө кандидатын бириктирген 185 баштапкы партиялык уюм болгон. 1947-ж. мектептерге жардам көрсөтүү үчүн 500 комсомолдук-жаштар бригадалары түзүлүп, алар өз күчү м-н 150 мектепте спорттук аянтчаларды ж-а 126 мектепте пионердик бөлмөлөрдү уюштурушкан. 1930—50-ж. Кыргызстандын мектептеринде 4-классты 496 123 окуучу (233 532си кыргыз), 7-классты 170 330 окуучу (70 142си кыргыз), 10-классты 24 341 окуучу (8890у кыргыз) бүтүргөн. Ушул эле мезгилде техникум, окуу жай ж. б. атайын орто окуу жайларда респ-канын эл чарбасына керек 18 407ден ашуун (4400 кыргыз) адис даярдалган, анын 4700ү башталгыч мектептердин мугалими, 4500ү орто билимдүү медицина кызматкери, 3800ү орто билимдүү агроном, зоотехник, 3200ү о. ж., транспорт, байланыш техниктери ж. б. адистер. 1930—50-жылдардын аралыгында респ-канын жогорку окуу жайлары, мугалимдер ин-ттары м-н кошуп эсептегенде, 8600дөн ашуун (2800ү кыргыз) адистерди даярдаган. Бул коп сандаган квалификациялуу адистердин армиясы кыргыз интеллигенциясынын — мугалим, врач, инженер, техник, агроном ж-а колхоз-совхоз ж. б. ишкана, уюмдардын жетекчилеринин пегизги озөгүн түзгөн.

1950-жылдары республикада жогорку жана атайын орто окуу жайларынын саны дагы көбөйгөн. 1951—52-окуу жылынын башында Фрунзеде Кыргыз мамл. университетинин ачылышы респ-канын коомдук-саясий ж-а маданий турмушунда зор окуя болду. О. эле Ош педагогика ин-ту (1951), Кыргыз кыз-келиндер педагогика институту (1952), Пржевальск педагогика ин-ту (1953), Фрунзе политехника ин-ту (1954), Дене тарбия ж-а спорт ин-ту (1955), Кыргыз мамл. искусство ин-ту (1967), Фрунзедеги Орус тили ж-а адабияты педагогика ин-ту (1979) ишке кирди. Атайын орто окуу жайлары ачылды: Майлы-Сайдагы электр-механикалык ж-а Оштогу курулуш ж-а соода техникумдары, Ош, Пржевальск, Нарын, Фрунзе музыкалык педагогика окуу жайлары ж. б.

КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин «Өлкөдө жогорку билим берүүнү мындан ары да оркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндөгү» (1972) ж-а «Атайын



В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика институту. Химия лабораториясы.


орто билим берүүчү окуу жайларына жетекчиликти мындан ары оркүндөтүү боюнча чаралар жана атайын орто билимдүү адистерди даярдоонун сапатын жакшыртуу жөнүндө» (1974) токтомдору адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга, жогорку окуу жайларынын ж-а техникумдардын өндүрүш м-н байланышын чыңдоого, студенттерди ж-а окуучу жаштарды идеялык-

Жогорку окуу жайлары (1980)

	Уюшулган жылы	Окутуучулардын саны	Студенттердин саны
СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамл. Эмгек Кызыл Туу ордендүү университети	1951	819	12869
К. И. Скрябин атн. Кыргызстан «Ардак Белгиси» ордендүү а. ч. ин-ту	1933	314	5637
Кыргыз мамл. медицина ин-ту	1939	518	4488
В. В Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика ин-ту	1952	269	4771
Пржевальск мамл. педагогика ин-ту	1953	238	3384
Ош мамл. педагогика ин-ту	1951	400	6166
Фрунзедеги политехника ин-ту	1954	941	14324
Кыргыз мамл. физкультура ин-ту	1955	166	1401
Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. искусство ин-ту . .	1967	162	1117
Фрунзедеги Орус тили ж-а адабияты педагогика ин-ту	1979	122	1249

саясий жактан тарбиялоого, окуу жайларында илимий изилдөө иштерин күчөтүүгө карата зор демилге берген. 80-жылдардын башында респ-канын жогорку 10 окуу жайында 55 миңден ашуун студент, атайын орто окуу

СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамл. университетинин эсептөө техникасы лабораториясында.



Атайын орто окуу жайлары (1980)

	Уюшулган жылы	Окутуучулардын саны	Окуучулардын саны
Жалал-Абад педагогика окуу жайы	1926	170	2646
Фрунзе медицина окуу жайы	1926	100	1387
Кызыл-Кыя тоо-кен техникуму	1930	29	749
Фрунзе финансы-экономика техникуму	1931	94	2553
Ош а. ч. техникуму	1932	75	2044
Фрунзе кооперация техникуму	1932	60	1582
Пржевальск медицина окуу жайы	1936	34	523
Кызыл-Кыя медицина окуу жайы	1938	73	749
Токмок механикалаштыруу техникуму	1938	100	2079
Токмок медицина окуу жайы	1938	101	725
Ысык-Көл совхоз-техникуму	1941	56	1009
Фрунзе а. ч. техникуму	1943	67	1607
Кара-Балта тамак-аш ө. ж. техникуму	1945	60	1363
Жалал-Абад ооветеринария техникуму	1947	33	964
С. А. Чуйков атн. Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайы	1948	43	347
Токмок маданий-агартуу окуу жайы	1949	84	857
Фрунзе машина куруу техникуму	1951	117	2415
Жалал-Абад медицина окуу жайы	1954	223	1601
Фрунзе жеңил ө. ж. кечки техникуму	1954	75	2267
Фрунзе сов. соода техникуму	1954	58	1700
Талас медицина окуу жайы	1955	39	421
Фрунзе курулуш техникуму	1955	131	2684
Фрунзе автомобиль-жол куруу техникуму	1957	111	2542
СССРдин 60 жылдыгы атн. Фрунзе политехника техникуму	1960	99	2563
Кара-Балта медицина окуу жайы	1961	56	738
Майлы-Сай медицина окуу жайы	1961	52	376
Нарын медицина окуу жайы	1962	42	416
Пржевальск педагогика окуу жайы	1964	80	869
Ош музыкалык окуу жайы	1964	89	328
Нарын педагогика окуу жайы	1965	72	573
Ош курулуш техникуму	1965	106	1460
Ош советтик соода техникуму	1965	38	1141
Майлы-Сай электр-механика техникуму	1965	58	909
Фрунзе музыка-педагогика окуу жайы	1966	216	1156
Ош педагогика окуу жайы	1966	138	1316
Фрунзе авиация-техника окуу жайы	1973	31	785
Нарын а. ч. техникуму	1975	17	328
Пржевальск музыкалык окуу жайы	1976	83	348
Жалал-Абад маданият техникуму	1979	15	120
М. Күренқоев атн. Кыргыз мамл. Фрунзе музыкалык окуу жайы	1939	183	784
Фрунзе хореография окуу жайы	1980	35	165
Дагестан механика техникумунун филиалы	1980	23	254

жайларында 40 миңден ашуун окуучу окуган. Респ-канын ар бир 10 миң адамына 148 студент ж-а атайын орто окуу жайынын 132 окуучусу туура келген.

КПССтин 24, 25, 26-съездери өлкөдө жалпы орто билим берүүнү жүзөго ашыруу ж-дөгү орчундуу милдетти койду. 1973-ж. июлда СССР Жогорку Совети «ССР Союзунун жана союздук республикалардын элге билим берүү жөнүндөгү» закондорунун негиздерин бекитти, КПСС БК ж-а СССР Министрлер Совети окуу-тарбия ишинин системасын сапаттык жактан андан ары жакшыртууга багытталган бир катар чечимдерди кабыл алды. Алар: «Жаштарга жалпы милдеттүү орто билим берүүгө өтүүнү аяктоо жана жалпы билим берүүчү мектептерди андан ары оркүндөтүү жөнүндө» (1972, июнь), «Жалпы билим берүүчү селолук мектептердин иштөө




Пржевальск педагогика институтунун эсептөө борбору.

шартын мындан ары жакшыртуу чаралары жөнүндө» (1973, июль), «Жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучуларын окутууну, тарбиялоону жана аларды эмгекке даярдоону мындан ары оркүндөтүү жөнүндө» (1977, дек.) токтомдор. Бул чечимдерди аткарууда респ-каның элге билим берүү майданынын кызматкерлери партиялык уюмдардын жетекчилиги астында элге билим берүүнүн бардык тармактары б-ча көрүнүктүү ийгиликтерге жетишкен. Мектептердин бардык программалары илимий-техникалык прогресстин талабын эске алуу м-н кайрадан иштелип чыккан. 1-класстан 10-класска чейинки бардык окуу китептер оркүндөтүлгөн программалардын негизинде кайрадан басылып чыгууда. Окутуунун сапатын жогорулатуу б-ча да олуттуу ийгиликтер жаралган. Эгер 1970-ж. 8 миң мугалимдин окуучулары экинчи жылга калтырылбай окуган болсо, 1978—79-окуу жылында мындай мугалимдердин саны 14 миңге жеткен.

Кыргызстанда орус тилин — элдердин достугунун ж-а улуттар арасындагы өз ара байланыштын тилин окутууга зор көңүл бурулууда. Респ-кадагы орус эмес элдердин балдарын мектепте өз эне тилинде окутуу м-н катар 1-класстын 2-жарымынан баштап орус тили окутулат. Орус тилин окутууда эгерде айылдык кыргыз мектептеринин 4—10-класстарында бир класстын окуучуларынын саны 25тен ашса, анда аларды 2 группага бөлүп окутуу ж-дө чечим кабыл алынган. Бул болсо окуу процессине дифференциациялык мамиле жасоону ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Ата-энелердин өтүнүчү б-ча 6 жаштагы балдар үчүн даярдоочу 800 класс түзүлүп, аларда 1979—80-окуу жылында орус

Фрунзе айыл чарба техникумунун окуучулары сабакта.
























Саламаттык сактоо. 1. Фрунзе ш-ндагы № 1 оорукана. Кыргыз ССР ИАнын академиги К. Рыскулова. 2. Кыргызстан кардиология ил. из. институтунун жалпы көрүнүшү. 3. Проф. С. Б. Данияров КММИнин студенттерине лекция окуп жатканы учур. 4. Республикалык клиникалык оорукана. Проф. А. Мырзалиев. 5. Проф. М. Мамакеев операция мезгилинде. 6. Санавиация малчыларга медициналык жардам көрсөтүүдө. 7. Фрунзе ш-ндагы № 1-аптека.



















Физкультура жана спорт. 1. Дүйнөнүн эки жолку ж-а Москва олимпиялык оюндарынын (1980) чемпиону К. Осмоналиев. 2. Москва р-нундагы Ленин орденду «Кызыл Октябрь» к-зунун спорт комплекси. 3. «Спартак» стадионунлык жолугушуу. 5. Шахмат б-ча дүйнөнүн эки жолку чемпиону А. Карпов улуттук оюн тогуз коргоол м-н таанышууда. 6. Фрунзе ш-ндагы үй куруу комбинатынын спорт залы. 7. Фрунзе ш-ндагы спорт комплексинин жалпы көрүнүшү.





















Мектепке чейинки балдар мекемелери жана мектеп. 1. Фрунзедеги балдар бакчасынын биринде орус тилин сүрөт жана кубиктер м-н үйрөтүү. 2. Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын ясли-бакчасында. 3. Восток-1 микрорайонундагы № 88-балдар комбинаты. Фрунзе. 4. Фрунзедеги француз тилин терең үйрөтүүчү атайын мектеп. Интернационалдык достук клубу. 5. Ленинполь р-нундагы Орловка кыш-ндагы орто мектептин кызыл из кубарларынын Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандары м-н жолугушуусу. 6. Башталгыч класстын окуучуларына окуу китептерин акысыз берүү. Ысык-Көл р-нунун Долинка кыш-ндагы орто мектеп. 7. Талас ш-ндагы № 1-мектеп-интернат. 8. Фрунзедеги № 5-орто мектеп. Англис тили сабагы. 9. Ошолмектептин жалпы көрүнүшү.
















Кесиптик-техникалык жана атайын орто билим берүү. 1. Фрунзе ш-ндагы № 27-техникалык окуу жайы. 2. Колдонмо электрлештирүү сабагында. № 5-кесипчилик-техникалык окуу жайы. Фрунзе. 3. Фрунзе финансы-экономика техникумунда бухгалтериялык эсеп сабагы. 4. Фрунзе финансы-экономика техникумунун жалпы көрүнүшү. 5. Фрунзе политехника техникумунун окуу имараты. 6. Фрунзе советтик соода техникуму. Товар таануу бөлүмүнүн 2-курсунда сабак учуруу.
























Жогорку окуу жайлары. 1. СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУнун окуу имараты. 2. КМУдагы лабораториялык сабак. 3. В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика институтундагы лекция. 4. Фрунзе политехника институту. Студенттер сабак учурунда. 5. КММИнин дарылоо факультетинде телекөрсөтүү м-н коштолгон лекция. 6. Ош мамлекеттик педагогика институту. Органикалык эмес химия лабораториясындагы сабак. 7. Кыргыз мамлекеттик физкультура институту. Окуу имаратынын жалпы көрүнүшү. 8. К. И. Скрябин атн. Кыргызстан айыл чарба институту.



1


2



3


4



5



6


Маданий-агартуу мекемелери. 1. Н. Г. Чернышевский атн. республикалык китепкана. 2. Ушул китепкананын окуу залдарынын бири. 3. Кыргыз мамлекеттик сүрөт өнөр музейи. 4. Кыргыз ССР мамлекеттик тарых музейинде. 5. Граждандык согуштун ветераны, биринчи Пишпек полкунун жоокери, карыя коммунист И. М. Щирый Кыргыз ССР мамлекеттик тарых музейинде студенттер менен. 6. СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУнун зоология музейи. Залдардын биринде экспозиция.


1


2



3



4


5

Илим жана илимий мекемелер. 1. Кыргыз ССР ИАнын президенти, академик М. И. Иманалиев Кыргызстан математиктеринин семинарынын катышуучулары менен. 2. Академик М. М. Адышев, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчесү К. Е. Калмурзаев ж-а геология-минералогия илимдеринин кандидаты Э. Ш. Шакиров лабораторияда. 3. Кыргыз ССР ИАнын Бийик тоо физиологиясы ж-а эксперименттик патология илим изилдөө институтунун лабораториясы. Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчесү, институттун директору В. А. Исабаева окумуштуулар менен. 4. Электр-магнит толкунун миллиметр диапазондо кабыл алуучу сигналдуу амплитудалык флуктуацияны каттоо. 5. Тоо тектердин физикасы ж-а механикасы институтунун директору И. Т. Айтматов Токтогулдагы жер астындагы геодинамикалык полигондо кызматкерлери менен.






Илим жана илимий мекемелер. 1. Кыргыз ССР ИАнын Тарых институтунда. **2.** Кыргыз ССР ИАнын академиги А. А. Волкова кызматкерлер менен. **3.** Кыргыз ССР ИАнын Философия институтунун окумуштуулар советинде. **4.** Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясында. Академик Б. Ө. Орузбаева кызматкерлер менен. **5.** Кыргыз ССР ИАнын Экономика институтунда агро-өнөр жай комплекстер проблемасын талкуулоо. **6.** Кыргыз ССР ИАнын Ысык-Көлдөгү биостанциясында.

эмес улуттагы 23 миң бала окуган. Кыргызстанда, СССРдин бир катар башка респ-каларындай эле мектептерде бир нече тилде окутуу, б. а. «аралаш», «бирдиктүү» («бириккен») же болбосо «түрдүү тилдеги» деп аталган класстар да ийгиликтүү онүгүүдө. 1980-ж. мындай мектептердин саны 255ке жетип, анда 190 миң окуучу окуган же болбосо бардык типтеги мектептердин окуучуларынын жалпы контингентинин 24%ин түзгөн. Орус тилинде сүйлөөнүн мындай табигый чойросүнүн пайда болушунун натыйжасында орус эмес улуттардын балдары орус тилинде тез сүйлөөгө мүмкүнчүлүк алышкан. Респ-канын мектептери окуучуларды эмгекке тарбиялоодо ж-а бардык кесипке багыттоодо да олуттуу жетишкендиктерге ээ болду. 1980-ж. мектептерде окуучулардын 873 өндүрүштүк бригадасы, мектептик 24 токой чарбачылыгы иштеп, аларда 7—9-класстардын 43 миң окуучусу эмгектик даярдоодон өтүшкөн. Респ-канын 400 мектебинин жогорку класстарынын 60 миң окуучусу тракторист-машинисттик, шофёрдук кесиптерге ээ болушкан. 1978—79-окуу жылында эле орто мектептердин 13 миң бүтүрүүчүсү орто билим алгандыгы ж-догу аттестаттары м-н бирге 3-класстагы тракторист-машинист адистигинин күбөлүгүн да алышкан.

Респ-када жалпы орто билимге жетишүү ийгиликтүү ишке ашырылууда. Эгер 1975-ж. 8-классты бүтүргөн окуучулардын 86,6% орто билим берүүчү окуу жайларында окуусун улантышса, 1979-ж. 98,6%ке жеткен. 1975-ж. окутуунун бардык каналдары аркылуу 66,3 миң окуучу орто билимге ээ болсо, 1979-ж. орто билим ж-догу аттестатты 85,3 миң улан-кыз алган. Жалпы орто билимге жетишүүнү, мындан ары ийгиликтүү чечүү максатында мектептердин тийиштүү тармактары уюштурулган. 1956—57-окуу жылынан тартып респ-када 6 мектеп-интернат ачылып, аларда жумушчулардын, колхозчулардын ж-а интеллигенциянын 1350 баласы окуган. Ал эми 1982-ж. 34 мектеп-интернатта 14 миң окуучу, булардан тышкары окуу-тарбиянын күнү (убактысы) узартылган 1001 мектептерде ж-а топтордо 175,7 миң окуучу билим алган. Көбүнчө алыскы жайыттардагы малчылардын балдары үчүн (окутуу-тарбиялоого кеткен чыгымдын бир бөлүгүн ата-энелери төлөөчү) 142 интернат уюшулуп, аларда 8215 окуучу тарбияланууда. Иштеген жаштарды окутуу үчүн да көптөгөн камкордук көрсөтүүдө. Респ-када айылдык ж-а жумушчу жаштардын оз алдынча окуусуна өзгөчө көңүл бурулат. Алар үчүн күндүзгү орто мектептердин базасында ачылган 101 кечки ж-а сырттан окуу мектептери иштейт. 1981—82-окуу жылында бул мектептерде 60 миңге жакын окуучу окуган. Дең соолугу талаптагыдай эмес (дүлөй, сокур, дудук, кем акыл) окуучулар үчүн атайын комокток мектептер ачылган. 1981—82-окуу жылында респ-канын бардык типтеги 1734 мектебинде 909,6 миң окуучу окуган. Совет бийлигинин



Токтогул Сатылганов атн. орто мектеп. Ысык-Көл району, Темировка кыштагы.

жылдарында мектептердин саны 15 эсеге, окуучулардын контингенти 114 эседен ашык өстү. Респ-канын мектептеринде 51 миңден ашуун мугалим иштейт, алардын теңинен көбү кыргыз. Совет бийлигинин жылдарынын ичинде мугалимдердин саны 230 эседен ашык өсүп, респ-канын интеллигенциясынын эң ири отряддарынан болуп калды. Булардан тышкары илимпоздордун зор армиясы жогорку ж-а атайын орто мектептерде сабак беришет. Партия м-н өкмөт элге билим берүү кызматкерлеринин эмгегин жогору баалап, 2 мугалимге Соц. Эмгектин Баатыры, 1 мугалимге СССР эл мугалими, 356 мугалимге Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими деген ардактуу наам берди. 4266 мугалим СССРдин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланып, 4245 мугалим «СССРдин эл агартуу отличниги» болгон, 140 мугалимге Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары ыйгарылган.

Балдарга тарбия берүүдө балдардын мектептен тышкаркы мекемелеринин да салымдары зор. 1936-жылдан Фрунзедеги Пионер үйү (Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1951-ж. 6-февралдагы токтому м-н К. Жакыпов атн. Пионерлер дворецн болуп аталган) иштейт.

Балдардын мектептен тышкаркы мекемелери

	1960	1965	1975	1980
Пионерлер м-н окуучулардын дворецтери, үйлөрү	7	27	50	60
Жаш техниктер станциялары	—	1	11	18
Жаш натуралисттер станциялары	—	1	2	7
Экскурсиялык-туристтик станциялар	1	2	4	4

Мектептерге ж-а мугалимдерге илимий-методикалык жардамдарды берүүдө Кыргызстан педагогика илимизилдөө ин-тунун салымы өтө чоң (к. Тармактык илимий мекемелер макаласын).

Мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн респ-калык ин-тунда 1976—79-ж. 25 миңден ашуун мугалим ж-а элге билим берүү тармагында иштеген башка кызматкерлер квалификациясын жогорулаткан, о. эле 200дөй мугалимдин тажрыйбасы жыйынтыкталып, 30 плакат ж-а китепчелерди респ-канын мугалимдерине жардам катары жарыкка чыгарган.

«Жаңы маданият жолунда» аттуу педагогикалык алгачкы журналдын биринчи санынын 1928-ж. 5-майда басмадан чыгышы респ-канын коомдук-педагогикалык турмушундагы эң зор окуялардан болгон. 1932-ж. февралда журнал «Маданий майдан» аталып, ал эми 1938-жылдан Улуу Ата Мекендик согуштун башталышына чейин «Окутуучуларга жардам» деген наам м-н чыгып турган. 1945-ж. журнал кайрадан чыга баштап, 1959-жылга чейин «Мугалимдерге жардам» деген ат м-н, ал эми 1972-жылдан бери «Эл агартуу» деген ат м-н чыгат. Педагогикалык журналдар өздөрүнүн алгачкы сандарынан баштап эле педагогикалык чеберчиликти, идеялык-саясий деңгээлди жогорулатууда мугалимдердин негизги таянычы болуп келген. Кыргыз тилиндеги окуу китептерди басып чыгаруу б-ча да зор иштер жүргүзүлгөн. 1925-ж. февралдан окуу китептерди Кыргызстан мамл. басмасы пландуу түрдө чыгара баштаган. 1925—26-ж. жалпы билим берүүчү мектептер үчүн кыргыз тилинде 12 наамдагы окуу китептери ж-а окуу куралдары чыккан. 1933-ж. 9-сентябрда Казак ж-а Кыргыз АССРлеринде окуу китептерин басып чыгаруунун жүрүшү ж-догу маселе РСФСР агартуу эл комиссариатынын коллегиясында талкууланган. Кыргызстандын полиграфиялык базасынын начарлыгына байланыштуу окуу китептеринин бир бөлүгү Москва, Казан ж. б. шаарлардын басмаканаларында басылып турган. 1953-ж. Кыргызмамбастын базасында «Мектеп» басмасы түзүлүп, ал мектептер ж-а жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептери м-н окуу куралдарын басып чыгарууда. Эгерде 1954-ж. 133 наамдагы китеп 1 млн 350 миң нускада басылып чыккан болсо, 1982-ж. 285 наамдагы китеп 5 млн 971,5 миң нускада чыккан.

Мектепке чейинки тарбия. Окт. рев-люция чейин Кыргызстандын аймагында балдар бакчалары дээрлик болгон эмес. Пишпекте (1910—11-ж.) бир гана бала бакча



Бала бакчада.

болуп, анда чиновниктердин 10 баласы тарбияланган. Мектепке чейинки балдар мекемелери Окт. соц. рев-ясы жеңгенден кийин массалык түрдө уюшула баштаган. 1918-ж. Пржевальскиде мамл. алгачкы бала бакча уюшулган. Бул бала бакчанын тарбиячылары мурунку эки класстуу окуу жайынын окутуучулары болгон. 1919-ж. күзүндө Ю. Я. Курганованын жетекчилиги астында Пишпекте 350 балага ыңгайлаштырылган алгачкы балдар аянтчасы уюштурулган. Э. А. Энгулатова, А. И. Файзулина, А. Койчуманова, М. В. Фрунзенин карындашы Л. В. Надеждина ж. б. мектепке чейинки тарбияны өнүктүрүшкөн өз демилгелүү алгачкы активдер болушкан.

1919-ж. Ошто кедейлердин балдары үчүн 45 орундуу бала бакча ачылган. 1927-жылдын башында Кыргызстанда 280 орундуу 10 бала бакча, 380 бала үчүн 60 балдар аянтчасы, 136 орундуу 10 ясли болгон. 1937-жылдан тартып респ-када типтүү бала бакчалар курула баштап, а. и. Фрунзеде шаардык элге билим берүү бөлүмүнүн № 2, Интергельпонун № 14, эт комбинатынын № 8 бала бакчалары, о. эле Токмокто, Пишпек станциясында, Ошто бала бакчалар болгон. Ош обл-нда колхоздук типтүү 10 бала бакча курулган. 1937-ж. респ-када 2143 орундуу 64 бала бакча ж-а 20 370 балага эсептелген сезондук 700 балдар аянтчалары болгон. Ал эми 1940-жылга чейин Кыргызстанда мектепке чейинки мекемелердин кеңири тармагы уюшулуп, бала бакчалары м-н яслилерин жабдууну уюштырууда, тарбия иштин ыкмаларын оркүндөтүүдө зор ийгиликтерге жетишилген. 1918-жылдан 1941-жылга чейинки аралык Кыргызстандын мектепке чейинки мекемелеринин калыптануу ж-а өнүгүү мезгили болгон. Бул жылдарда кадрларды даярдоо ишинде да, о. эле программалык-методикалык документтерди түзүүдө да алгачкы кадамдар жасалган эле. Мектепке чейинки мекемелердин кызматкерлери 3 ж-а 6 айлык кыска мөөнөттүү курстарда даярдалып, ал эми 1934-жылдан баштап орто квалификациялуу адистер Фрунзедеги педагогикалык окуу жайынын мектепке чейинки тарбиялоо бөлүмү тарабынан даярдалган.

Мектепке чейинки мекемелердин тармагы согуш жылдарында да бир кыйла кеңейген. Эгер 1940-ж. респ-када 6,6 миң балага эсептелген мектепке чейинки дайыма иштөөчү 197 мекеме болсо, 1944-ж. 13 845 орундуу 308 бала бакча болгон. Бала бакчаларда кечки ж-а суткалык группалардын саны көбөйүп, мектепке чейинки мекемелердин жаңы типтери (санаториялык балдар бакчалары, мектепке чейинки мекемелер, балдар үйлөрү) уюшулган. Согуш жылдарында Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Кант ж-а Сокулукта санаториялык балдар үйлөрү, туберкулёз интоксикациялуу балдар үчүн бакчалар ачылган. Кыргыз ССР агартуу эл комиссариаты бул мекемелерге зор көңүл буруп, аларды квалификациялуу кадрлар, зарыл жабдуулар, отун м-н о. эле акча каражаттары ж-а азык-түлүк м-н дайыма камсыз кылып турган.

Партия м-н өкмөттүн 1959-жылдагы «Мектепке чейинки жаштагы балдардын тарбияланышын жана медициналык жактан тейлөө ишин жакшыртуу чаралары жөнүндөгү» токтому, о. эле Кыргызстан Компартиясынын ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин мектепке чейинки тарбия маселелери б-ча кабыл алган бир катар токтомдору, мектепке чейинки балдар мекемелеринин иштери үчүн зор роль ойногон.

Мектепке чейинки мекемелердин жаңы тибди «ясли-бакчалар» турмушка кыйла жарамдуу болуп чыкты. Анда бала төрөлгөндөн тартып мектеп жашына чейин ар тараптуу өсүп, тарбияланат. 1982-ж. бул мекемелерде балдардын 28,2% болгон; респ-када мектепке чейинки 1266 мекеме иштеп, аларда 134,1 миң бала тарбияланган. 1968—78-ж. мектепке чейинки мекемелердин кызматкерлеринин саны 1853төн 8168ге чейин өскөн. Алардын 5,5 миңи жогорку ж-а орто билимдүүлөр.


Р. А. Конникова

Мектепке чейинки мекемелер

	1940	1965	1975	1980
Шаарларда мектепке чейинки турүктүү мекемелердин саны	103	432	517	534
Аларда балдардын саны, миң	4,6	52,1	77,5	92,0
Айыл-кыштактарда мектепке чейинки турүктүү мекемелердин саны	94	276	539	713
Аларда балдардын саны, миң	2,0	16,2	42,2	58,7

Ад.: Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын элге билим берүү жөнүндө закону, Фр., 1975, 80 б.; Балтабаев М. Р., Кыргыз ССРинде жалпы орто билим берүүнүн кээ бир проблемалары, Фр., 1970, 116 б.; Измайлов А. Э., В. И. Ленин и проблемы воспитания и образования, Фр., 1972, 303 с.; Карыпкулов А., Өнүккөн социализм учурунда элге билим берүүнүн айрым маселелери, Фр., 1980, 103 б.; Данияров С., Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии, Фр., 1972, 272 с.; Капиметов А., Народное образование Советской Киргизии за полвека, Фр., 1972, 114 с.; Рахимова М., Становление дошкольного воспитания в Киргизии и перспективы его дальнейшего развития, Фр., 1974, 184 с.; Макенбаев Ж., Торжество ленинских принципов по народному образованию, Фр., 1979, 112 с.; Карыпкулов А., Народное образование в развитом социалистическом обществе, Фр., 1982, 448 с.; Аманалиев Ж., Общеобразовательные школы Советского Киргизстана на современном этапе, Фр., 1982, 160 с.

МАДАНИЙ-АГАРТУУ МЕКЕМЕЛЕРИ



Таш-Көмүр ш-ндагы маданият үйү.

Клубдар. Октябрь рев-ясы м-н кошо жаралган клубдук мекемелер жаңы коомдук-саясий ж-а маданий борборлор катары Совет бийлигинин жылдарында өтө көбөйгөн. 1919-жылга чейин Кыргызстанда клубдук мекемелер болгон эмес. Пишпекте Депутаттар Советинин 1919-ж. 4-июлдагы чечими м-н ачылган Элдик үй Кыргызстандын маданий борборунун башаты болуп саналат. Ошол эле жылы Пишпекке жакын жайгашкан Карл Маркс атн. коммунада Кыргызстандын аймагындагы айылдык алгачкы клубдардын бири уюшулган. 1920-ж. мартта Кызыл-Кыяда жумушчу клубу ачылат. Партиянын Пишпек уездик-шаардык комитети айылкыштак эмгекчилерин тейлөө үчүн «Кызыл араба» көчмө клубун уюштурат (1920). 1921-ж. 7-январда Пишпек уездинин Успенский кыштагында В. И. Ленин атн. Элдик клуб ачылат. 1925-ж. 8-мартта Алардын эл аралык күнүнө арналып, Каракол округуна каратуу Күрмөнтү болушунун Талды-Суу айылында кыз-келиндердин Кыргызстандагы алгачкы клубу ачылат. Эмгекчилер арасында кызыл үйлөр кеңири белгилүү болө баштайт. 1925-ж. 15-мартка чейин Каракол округунда 4 кызыл үй ишке кирет. Ошол эле жылы октябрда респ-када 20 кызыл үй ж-а чайкана болгон.

Клубдук мекемелердин иштеринин башкы мазмуну саясий, экон. ж-а жалпы маданий билимдерди эмгекчилер арасында кеңири жайылтуу, аларды идеялык-эстетикалык, патриоттук ж-а интернационалдык жактан тарбиялоо, о. ж-дагы ж-а а. ч-сындагы алдыңкы тажрыйбаларды, илим м-н техниканы, адабият м-н искусствону, сов. жаңы салттар м-н жоралгоолорду пропагандалоо, калктын маданияттуу эс алуусун уюштуруудан турган.

Кыргыз ССРинин клубдук мекемелер тармагы
(жылдын аягында)

	1924	1940	1950	1965	1970	1975	1980
Клубдук бардык мекемелер а. и.:	35	574	1408	872	1020	1071	1142
шаарларда	7	62	136	129	116	150	162
айыл-кыштактарда	28	512	1272	743	904	921	980

Лекция, экскурсия, көргөзмө, кече, белгилүү адамдар менен жолугушууларды уюштуруу, кинофестиваль, концерт, спектакль, кружокторго катышуу маданий-агартуу иштердин ж. б. формалары ж-а ыкмалары болгон. Клубдук мекемелер эл чыгармачылыгынын ж-а өздүк көркөм чыгармачылыктын бардык түрлөрүн оркүндөтүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Алардын арасында

Кино көрсөткүчтөр

	1940	1965	1975	1980
Шаарларда ж-а кыштактарда: кинооустановкалардын саны	213	958	1157	1209
Киносеанстарга келгендердин саны (миң адам)	3859	35503	43637	46705
Шаарларда: кинооустановкалардын саны	47	219	247	260
Кинокөрүүчүлөрдүн саны (миң адам)	2087	19266	23027	24733
Кыштактарда: кинооустановкалардын саны	166	740	910	949
Кинокөрүүчүлөрдүн саны (миң адам)	1772	16237	20610	21972

элдик театр, оркестр, хор, хореографиялык коллектив, агитбригада, ыр-бий ансамблдери ж. б. уюшулган.

1983-жылдын башында Кыргызстандагы 1158 клубдук мекемеде 5 миңдей өздүк көркөм чыгармачылыктын ийримдери болуп, анын катышуучуларынын саны 102 миңге жеткен; 41 коллективге «элдик» деген наам берилген. Анын ичинде: 23 театр, 3 хор, 7 бий коллективи, 4 ыр-бий, 1 комузчулар ансамбли ж. б. бар. Элдик филармония түзүлгөн. Клубдардын маданий-тарбиялоо ж-а пропагандалык иштеринде көргөзмөлүү агитациялык каражаттар — плакат, ураан, стенд, витрина, «Чагылган» аттуу сүрөт монтаждары ж. б. кеңири пайдаланылат. Массалык-саясий иштердин түрлөрүн байытууга техникалык түркүн каражаттар: кино, радио, үн жазуу, фотография ж. б. олуттуу көмөк көрсөтөт.

Клубдук мекемелер мектептер ж-а комсомол уюмдары м-н бирдикте жеткинчектер м-н оспүрүмдөр арасында маданий-агартуу иштери жүргүзүп, элге педагогикалык билимдерди пропагандалашат. Клубдук мекемелер-



Рыбачье ш-ндагы «Ысык-Кол» кинотеатры.

до машинка басуу, бычуу ж-а тигүү, тор токуу, сайма сабоо ж. б. б-ча курстар уюштурулуп иштейт. Клубдук мекемелердин ишн негизинен эмгекчилердин демилгелери ж-а өздүк чыгармачылыктарына таянып, мында калктын кесиптик, курактык, билимдик ж. б. өзгочөлүктөрү эске алынат. Мекемелердин ишине колхоз-совхоздордун колхозчуларынын, жумушчуларынын жалпы чогулушунда жө конф-ясында шайланган башкарма (советтер) жетекчилик кылат. Райондук, айыл-кыштактык маданият үйлөрү райондун, айыл советинин клубдук мекемелерин методикалык жактан жетекчиликке алышат.

Парктар. Маданият ж-а эс алуу парктары респ-када 30-жылдарда уюштурула баштаган. Биринчи болуп 1926-ж. Фрунзе ш-нда «Жылдызча» (кийин Панфилов атн.) паркы тигилген. Маданият ж-а эс алуу парктарынын эң алгачкыларынын катарына Фрунзедеги Кара жыгач багы (1881), Пржевальскидеги А. С. Пушкин атн. парк (1895), Оштогу Токтогул атн. парк (1919) кирет. 1980-ж. респ-када 23 маданият ж-а эс алуу паркы болгон (жалпы аянты 526,5 *га*); Фрунзедеги (аянты 411 *га*), Пржевальскидеги (6,5 *га*), Ош ж-а Жалал-Абаддагы (16 *га*) парктар респ-канын эс алуу жайларынын эң ирилери. Парктарда 400дөн ашуун кичирээк формадагы механикалаштырылган түрдүү аттракциондор иштейт (анын 320сы мамл. парктарда жайгашкан). Парктарда жыл сайын 3 мицге жакын лекция, доклад уюштурулат, 670тен ашуун тематикалык кечелерди өткөрөт, өздүк көркөм чыгармачылык ж-а профессиялык коллективдердин миңден ашуун концертин берет. Сүрөө-жоопкечелери, Сов. Союз. ж-а Соц. Эмг. Баатырлары, согуш ветерандары, Сов. Армиянын жоокерлери м-н жолугушуулар уюштурулат, кесип майрамдары өткөрүлөт.

Музейлер. Рев-яга чейин Кыргызстан аймагында музей болгон эмес. Музейлер 20-жылдардын ортосунан гана уюшула баштаган. Кол башчы, мамл. ишмер М. В. Фрунзе туулган үй, 1925-жылы 9-декабрда мемориал музейге айландырылып, бул респ-када ачылган биринчи музей болгон. Респ-кадагы экинчи музей Кыргыз АОнун обкомунун токтомуна ылайык 1927-ж. 15-мартта ачылган Кыргызстан борб. музейи болуп, анда айматтын табияты ж-а тарыхы экспонатташтырылган. 1943-ж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин токтому б-ча табият бөлүмү музейден бөлүнүп, Зоология музейи уюшулган (1963-жылдан СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУнун карамагында). 1954-ж. Кыргызстан Борб. музейи Кыргыз ССРинин Тарых музейи болуп кайра түзүлгөн. 1934-ж. Сүрөт өнөр музейи негизделген.

1981-ж. Кыргызстанда 13 музей иштеген. Кыргыз ССР маданият министерствосунун тармагында Токтогул Сатылгановдун, Мухтар Ауэзовдун, Октябрдын 40 жылдыгы атп. фабриканын тарыхы, Сүлүктү край таануу музейлери, Советтер Союзунун Баатырлары Ч. Түлөбердиевдин, Д. Шопоковдун, И. Апаньевдин, Н. Конкиндин, К. Жаркынбаевдин, Т. Тайгараевдин, революционер Т. Жукеев-Пудовкиндин мемориал музейлери коомдук башталышта иштешет. О. эле мектептик 250 музей ж-а мектептик 1424 бурч бар.

Респ-канын мамл. музейлери зор ил. из. иштерин да жүргүзүп, жыйналган материалдарды изилдеп, коллекцияларды системалоонун негизинде жаңы экспозицияларды, көргөзмөлөрдү уюштурат. Тарых билимдерин жайылтууда, эмгекчилерди патриоттук, интернационалдык ж-а эстетикалык тарбиялоо ишинде музейлердин салымы өтө зор. Музейлер жаштарды патриоттук тарбиялоо маселелерине айрыкча көңүл бурат. Музейлердин залдарында пионер жыйындары өткөрүлөт, комсомолдук билеттер тапшырылат, жоокерлер күзүрмөн туунун алдында ант беришет, Коммунисттик партиянын, Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандары ж-а эмгек баатырлары м-н жолугушуулар уюштурулат.

Музейлер

	Уюшулган жылы	Фонд (экспонаттардын саны)	Жайгашкан жери
Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейи	1934	8757	Фрунзе ш.
Кыргыз ССР мамл. тарых музейи	1926	28115	—»—
М. В. Фрунзенин Эл достугу ордендүү мемориал музей-үйү	1925	11684	—»—
Ош областтык тарых-край таануу музейи	1949	20713	Ош ш.
Н. М. Пржевальскийдин мемориал музейи	1957	400	Пржевальск ш.
Пржевальск край таануу музейи	1960	4305	—»—
Токмок край таануу музейи	1970	4200	Токмок ш.
«Бурана» археология-архитектуралык музейи	1976	307	Чүй р-ну Дең-Арык с.
Манастын күмбөзү (адабий-этнографиялык музей)	1976	547	Талас р-ну Таш-Арык с.
Чолпон-Ата мамл. тарых-край таануу музейи	1976	1941	Чолпон-Ата ш.
Кочкор мамл. тарых-край таануу музейи	1978	726	Кочкор с.
Зоология музейи	1943	3544	Фрунзе ш. КМУ
Кыргызстан комсомолунун тарыхынын музейи	1978	1247	Фрунзе ш. Кыргызстан ЛКЖС БК

Талас обл-ндагы Ленинполь р-нунун «Красная заря» к-зунун музейинде.



Эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоодогу жемиштүү зор иштери үчүн ж-а 50 жылдык юбилейине карата М. В. Фрунзенин музей-үйүнүн Эл Достугу ордени м-н сыйланышы респ-канын маданий турмушундагы чоң окуя болгон.

Китепканалар. 19-к-дын 70-жылдарынын башында Түркстан крайында, асыресе, Кыргызстанда калк китепканаларын уюштурууга уруксат берилген. 1870-ж. Ташкенде Түркстан крайлык калк китепканасы ж-а уездик 2 шаарда — Токмок м-н Ошто китепканалар ачылган. 1870-ж. Токмокто уюшулган китепкана эң алгачкы китепканалардан болуп саналат. Алардын окурмандары майда чиновниктер, негизинен орустар болгон. Китепканалар о. эле окуу жайларында да уюшулган. Китепканалардын китеп фондулары озүнүн составы жагынан бири-биринен айырмаланган эмес. Орто эсеп м-н ар бир китепканада 300дөн 800гө чейинки наамдагы китептер болгон. Ош башталгыч мектебинин китепканасында 870 наамдагы 1513 нуска китеп, Беловодский башталгыч мектебинде 524 наамдагы 921 нуска, Чалдыбар башталгыч мектебинде 1330 наамдагы 1653 нуска ж-а Сокулук башталгыч мектебинде 1679 нуска китеп болгон. Жалпы эл башталгыч мектептердин айрым гана китепканаларынан пайдалана алган. 1902-ж., отүнүч кат жибергенден 7 жыл өткөндөн кийин гана Пржевальскиде элдик китепкана ачылган. Улуу Окт. рев-ясынын алдында элдик бир нече китепкана, мис., 1917-ж. 30-июлда Ошто ачылган. Пишпекте ачылган элдик китепкананын китеп фондусу 1795 нусканы түзүп, анын окуу залы да болгон. Пишпекте мусулман китепканасы ачылып, анын фондусунда 500 китеп болгон.

Окт. рев-ясы жеңгенден кийин гана китепканалар эмгекчилерге кызмат кыла баштаган. Партия м-н өкмөттүн камкордугунан улам китепканаларды улуттук респ-каларда кобойтүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүп, китепкана тармагы Кыргызстанда да кыйла ылдамдатылган темп м-н өнүккөн. Бул дүркүрөп өсүү айрыкча айыл-кыштактарга таандык. 1924-ж. айыл-кыштактарда массалык 22 китепкана иштеп, алардын китеп фондусу 12 миң томду түзгөн. 1940-ж. китепканалардын саны 479 болуп, ал эми китеп фондусу 353 миң томго жеткен. 30-жылдары райондук китепканалар тармагы түзүлө баштаган. 1937-жылдын башында алардын саны 29га жеткен. Ал эми 1947-жылдын аягында болсо бул көрсөткүч 46га өсүп, айылдык китепканалар кобойгон. 1933-ж. алардын саны 55 болсо, 1938-ж. 148ге жеткен. 1941-жылдын аягында респ-када мектептик 942 китепкана болгон. 1940-жылдын акырында массалык китепканалардын фондусу 756 миң нусканы түзгөн. Респ-канын ири китепканалары (1982): Н. Г. Чернышевский атн. мамл. китепкана — базасында китеп сактагычы, китепкана таануу м-н библиографиянын илимий-методикалык ж-а илимий-библиографиялык борбору бар (1934-ж. негизделген; 1982; фондусу — 4,6 млн нуска); ИАнын Борб. илимий китепканасы (1943; фондусу — 868 миң нуска); КМУнун илимий китепканасы (1951; фондусу — 1 млндой нуска); Респ-калык илимий-тех. китепкана (1967; фондусу—9 млн нуска); Ош обл. китепкана (1949; фондусу — 807 миң нуска); В. И. Ленин атн. Ысык-Кол обл. китепкана (1902; фондусу — 55 миң нуска); Нарын обл. китепкана (1972; фондусу — 107 миң нуска); Талас обл. китепкана (1981; фондусу — 25 миң нуска).

1982-ж. респ-када бардык тармактардын ж-а ведомстволордун 4 миңдей китепканасы иштеп, алардын китеп фондусу 53 млндон ашуун нускага жеткен, а. и. 1778и массалык китепкана болгон. Маданият министерствосунун тармагында китеп фондусу 18,9 млн нуска 1456 китепкана бар. Респ-када ар бир экинчи адам китепканалардын окурманы болуп саналат. Маданият министерствосунун тармагынын китепканалары гана 1477 миң окурманды тейлейт. КПСС БКнын 1974-ж. кабыл алынган «Эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоодо жана илимий-техникалык прогрессте китепканалардын ролун жогорулатуу жөнүндөгү» токтомуна ылайык респ-када китепкана тармактарын борборлоштуруу иштери жүргүзүлүп, эмгекчилерди китептер м-н тейлөөнүн натыйжалуулугун ж-а таасирдүүлүгүн жогорулатууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзду. 1983-жылга карата респ-када борборлоштурулган китепканалардын 54 тармагы иштей баштаган.

Массалык китепканалар

Жылдары	Бардыгы		анын ичинде			
			шаарларда		айыл-кыштактарда	
	китепканалардын саны	алардагы китеп ж-а журнал. мин нуска	китепканалардын саны	алардагы китеп ж-а журнал. мин нуска	китепканалардын саны	алардагы китеп ж-а журнал. мин нуска
1940	589	1069	110	716	479	353
1965	1281	10738	261	6453	1020	4285
1975	1543	15981	286	9606	1257	6375
1980	1749	19881	310	11460	1439	8421

Архивдер. 1918-ж. 1-июнда кабыл алынган архив ж-дөгү лениндик декреттин негизинде О. Азияның улуттук-мамл. бөлүнүшүнөн кийин Кыргызстанда архив ишин борборлоштуруп башкаруу уюшула баштаган. 1926-ж. 30-августа Кыргыз АОсунун Аткому «КАОдо архив иштерин уюштуруу жана КАОнун аймагындагы мекемелердин архивдик материалдарын иретке келтирүү жөнүндөгү» токтом кабыл алган. Ошол эле жылы 1-сентябрда Кыргыз АОсунун Аткомунун алдында Архивдер бюросу (1927-ж. марттан респ-канын борб. архиви) уюшулат. 1929-ж. 11-февралда Кыргыз АССР БАКы Кыргыз борб. архивин өзүнчө башкарма кылып уюштуруу ж-дө Жобону бекитип, карамагына 4 кантондук (Фрунзе, Талас, Нарын, Каракол) ж-а Ош округдук архив бюролору өткөн. 1929-ж. 1-октябрга карата мамл. сактоого 439 фонд түшүп, ал фонд 40 591 делону түзгөн. 1930-ж. округдар м-н кантондордун жоюлушуна байланыштуу райондук архивдер уюшула баштаган. 1935-жылдан баштап Кыргызстанда Борб. архивден тышкары 35 райондук (шаардык) архив иштеген.

Партиялык ж-а сов. уюмдардын жардамы м-н респ-канын архив кызматкерлери Совет бийлигин орнотуу, Граждандык согуш ж-а басмачылар м-н болгон күрөш, партия м-н өкмөттүн соц. курулуш б-ча иш чараларын турмушка ашыруу, биринчи беш жылдыктын таптырмаларын ашыра аткарууга багытталган патриоттук кыймыл ж-дө баяндоочу эң маанилүү документтерди жыйнап, сактоого кабыл алышкан. О. эле бул жылдарда социалдык-укуктук мүнөздөгү маалыматтарды жыйноо ишн да жолго коюла баштаган. Кыргыз ССРи уюшулгандан архивдердин ишн мамл. жетекчи органдардын ишн м-н тыгыз байланыштырыла баштайт. 1938-жылдан респ-канын архивдери Ички иштер эл комиссариатынын карамагына өтөт. 1939-ж. уюшулган Архив болүмү респ-канын бардык тармактык архивдерин ж-а Мамл. борб. архивди жетектей баштайт. Архив болүмүнүн уюшулушу респ-канын мамл. ж-а ведомстволук архивдерине уюштуруу-методикалык жактан жетекчилик кылуу ишин андан ары жакшыртууга оң таасирин тийгизген. 1940-ж. мамл. обл. 4 архив: Жалал-Абад, Ысык-Кол, Тянь-Шань ж-а Фрунзе архивдери уюшулат. Бул мезгилде Кыргызстандын архивдеринде 75 080 дело сакталган.

1960-ж. архив мекемелери Кыргыз ССР Министрлер Советинин карамагына өткөндөн баштап, анын иштерин уюштуруу түп тамырынан өзгөрүлгөн. Мамл. ж-а ведомстволук архивдердин материалдык-техникалык базасы чыңдалып, бул документтерди сактоону ж-а натыйжалуу пайдалануу жакшырткан. Архив иштерин комплекттөө ж-а экспертизалоо маселелерине байланыштуу бир кыйла иш чаралар жүргүзүлгөн. Мекемелерге иш алып баруунун туура жолго коюу ж-а мамл.

сактоого берүү үчүн делолорду иргөө б-ча зор практикалык жардамдар көрсөтүлө баштаган. Кадрларды тандоого да талаптар жогорулатылган. 1972-ж. респ-када

Кыргыз ССРинин мамлекеттик архивдери
(1980-жылдын 1-январына карата)

Мамл. архивдердин аттары ж-а алардын жайгашкан жери	Уюшулган жылы	Архивдик фондулардын саны	Сактоого алынган документтердин саны
Борб. мамл. архив, Фрунзе ш.	1926	2297	431628
Кинофотофонодокументтердин борб. мамл. архиви, Фрунзе ш.	1972		
— кинодокументтер		—	8642
— фотодокументтер		—	64631
— фонодокументтер		—	2883
Ош обл. мамл. архиви, Ош ш.	1929	1091	155292
— фотодокументтер		—	759
Ысык-Көл обл. мамл. архиви, Пржевальск ш.	1929	913	144246
— фотодокументтер		—	1861
Нарын обл. мамл. архиви, Нарын ш.	1929	611	89755
Талас обл. мамл. архиви, Талас ш.	1929	368	45904
Ош обл. мамл. архивинин Жалал-Абад филиалы, Жалал-Абад ш.	1935	708	108177
— фотодокументтер		—	507
Ош обл. мамл. архивинин Кызыл-Кыя филиалы, Кызыл-Кыя ш.	1935	384	25845
Кыргыз ССР Борб. мамл. архивинин Калининск филиалы, Кара-Балта ш.	1935	522	69539
Кыргыз ССР Борб. мамл. архивинин Кант филиалы, Кант ш. т. посёлкасы	1935	619	73667
Жалпы саны:		7513	1144053
— кино			8642
— фото			67758
— фоно			2883

биринчи болуп Кинофотодокументтердин борб. мамл. архиви уюшулат. 1974-ж. Борб. мамл. архивдин карамагында өздүк фондулардын болүмү уюшулуп, мында адабият м-н искусствонун көрүнүктүү инмерлери, согуш ж-а эмгек ветерандары ж-дагу материалдар комплекттелет.

1964-ж. декабрда Архив болүмү Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Архив башкармасы болуп уюшулуп, 1980-ж. сентябрда — Архивдердин башкы башкармасы деп аталган ж-а анын карамагына Борб. мамл. архив, Кинофотодокументтердин борб. мамл. архиви, обл. архивдик 4 болум ж-а обл. мамл. 4 архив (Ош, Ысык-Кол, Нарын, Талас обл-ттары), 4 филиал (Калинин, Кант, Кызыл-Кыя, Жалал-Абадда) кирген. Респ-канын Министрлер Советинин токтомуна ылайык бардык райондордо ведомстволордун бириккен архивдери уюшулган. Алардын уюшулушу документтерди борборлоштуруп сактоонун сапаттуу жаңы баскычы болуп калган. 1980-жылга карата архивдерде 1140 миңден ашуун делолор, 8 миңден ашуун кино, 68 миңге жакын фото ж-а 3 миң фоно документтер, өздүк делолор б-ча 300 миңден ашуун документ ведомстволордун бириккен архивдеринде чогултулган.

Архив башкармасы архив фондуларын кеңири пайдалануюга зор көңүл бөлөт. Документтүү жарыяларда (публикация) респ-канын өнүккөн социализм шартындагы коомдук-саясий, социалдык-экон. ж-а маданий турмушу чагылдырылат. Документтердин көлөмү 314 басма табактан турган 17 жыйнагы жарык көргөн. Алардын эң алгачкыларынан болуп «Кыргызстанда Улуу Октябрь революциясынын жеңиши жана Граждандык согуш», («Победа Великой Октябрьской революции и Гражданская война в Киргизии»), «И. В. Панфилов — Герой Советского Союза» ж. б. саналат. 60—70-жылдарда: «Кыргыз ССРинин индустриялаштырылышынын тарыхы (1921—41-жылдар)», «Советтик Кыргызстандын мамлекеттик курулушунун масселелерине карата (1917—1937-жылдар)», «К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана (1917—1965 гг.)», «Советтик Кыргызстан документтерде (1917—1937-жылдар)», «Советский Киргизстан в документах (1917—1965 гг.)», «Достук менен өнүгүп гүлдөгөн» («В содружестве к процветанию») ж. б. жарык көрдү. Тематикалык документтик дагы 6 жыйнак чыгаруу б-ча иш жүргүзүлүп жатат.

Архив фондулары ж-а документтик жарыялар «Кыргыз ССРинин тарыхы», «Кыргызстан бир тууган элдердин үй-бүлосүндө», «Советтик Кыргызстандын жумушчу табынын тарыхы», («История рабочего класса Советского Киргизстана»); Т. Усубалиевдин «Ленинизм — элдердин достугунун жана бир туугандыгынын улуу булагы», В. П. Шерстобитовдун «Кыргызстандагы экономикалык жаңы саясат (1921—1925-жылдар)», «Новая экономическая политика в Киргизии (1921—1925 гг.)» ж. б. эмгектердин жаралышына маалыматтык база түзүп берди. Архивдик документтер массалык информация каражаттары тарабынан кеңири пропагандалануюда. Жыл сайын мамлекеттик архивдер социалдык-укуктук мүнөздөгү 15 миңден ашуун маалыматтар берип турат. Архивдик материалдардан ар тараптан пайдалануу, анын эсебин алуу ж-а алардын сакталышын камсыздоо үчүн мамл. ж-а ведомстволук архивдер тарабынан илимий-маалыматтык аппаратты уюштуруу б-ча кеңири иш алынып барылууда ж-а бул аппарат эбегейсиз көп түрдүү документтердин ичинде туура багыт алып, иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

СССР Министрлер Советинин «СССР мамлекеттик архивдер фондусу жөнүндөгү Жобону жана СССР Министрлер Советинин алдындагы Архивдик башкы башкарма жөнүндөгү Жобону бекитүү жөнүндө» 1980-ж. 4-апрелиндеги токтому өлкөдө архив иштерин түзүүнүн ж-а уюштуруунун негизги принциптерин мамл. архив м-н ведомстволук архивдин өз ара байланышын белгиледи ж-а бул архив иштерин борборлоштуруп башкаруунун лениндик принциптерин мындан ары өнүктүрүүнүн далили болду. Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1980-ж. 29-сентябрдагы токтому «Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу Архивдик башкы башкарма жөнүндөгү» Жобону бекитти. Токтом респ-када архив иштерин мындан ары өнүктүрүү ж-а өркүндөтүү б-ча жоопкерчиликти арттырды ж-а Борб., обл. мамл. архивдердин ж-а алардын филиалдарынын нормативдик-укуктук иш алып баруусунун тартибин белгиледи.

Мамл. архивдерден сыртқары Кыргызстанда тигил же бул ишкана-мекемеге гана таандык документтер сакталчу архивдер да иштейт. Аларга партиялык (Фрунзе, Ош, Пржевальскиде), ЗАГСтын (Граждандык абал актыларын каттоо болүмү) архивдери [райондордо, шаарларда, областтарда ж-а Фрунзеде (респ-калык)], атайын архивдер (Илимдер академиясында, Ички иштер министерствосунда, Геология ж-а Гидрометеорологиялык кызмат башкармаларында) ж. б. архивдер кирет.

А. Жаманкулов

Ад.: Каракеев К., Советтик Кыргызстандын маданиятынын гүлдөшү, Фр., 1961, 67 б.; Юсупов С., Очерк истории культурно-просветительной работы в Советском Киргизстане, Фр., 1965, 240 с.; Данияров С., Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии, Фр., 1972, 272 с.; Жаманкулов А., Краткий очерк архивного строительства в Киргизии, Фр., 1977. 32 с.; Материалы республиканской научно-практической конференции на тему: «Культурно-просветительская работа в Киргизии за 50 лет и её задачи в коммунистическом воспитании трудящихся», Фр., 1975, 98 с.; История библиотечного дела в Киргизии (Документы и материалы в 3-х томах, 1918—1970), Фр., 1976.

БАСМА СӨЗ, РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ



Кыргызполиграфкомбинатында.



Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн республикалык малчыларына арналган телеберүүсү.

БАСМА СӨЗ

Мезгилдүү басма сөз. Коммунисттик партия бардык респ-каларда улуттук газеталарды ж-а китеп басмаларын түзүүгө Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле зор көңүл бөлгөн. РКП(б) БК 1924-ж. 6-февралдагы «Партиянын басма сөз жагындагы башкы милдеттери» деген токтомунда Басма сөз болүмүнө Эл агартуу комиссариаты, борбордук ж-а жергиликтүү улуттук басмаканалардын окуулорду м-н бирдикте жерлерде калк кызыкчылыгына ылайык басма иштерин оңуктүрүүнүн чараларын иштеп чыгуу жагын тапшырган. РКП(б) БКнын «Басма сөз жана басма иштерине партиялык жетекчиликти күчөтүү жөнүндөгү» (1924-ж. 23-февраль) токтомунда коммунисттердин ж-а басма кызматкерлеринин көңүлүн «чыгыш элдеринин озгочолүгүнө ылайыкталган газеталарды түзүүгө, улуттук республикаларда жана областтарда жергиликтүү улуттардын тилинде окуу китептерин чыгарууга» бурган. Ал эми 1924-ж. майда РКП(б)нин 13-съезди «Басма сөз жөнүндөгү» резолюциясында «улуттук республикаларда прессаны жергиликтүү тилге өткөрүүнү алктоо, улуттук прессанын тиражын көбөйтүү ж-а анын эл массасы менен байланышын күчөтүү» зарылдыгын көрсөткөн.

Кыргызстандын коммунисттери РКП(б) БКнын чечимдерин жетекчиликке алып, респ-када басма сөздү, баарынан мурда улуттук басма сөздү түзүү б-ча кыйла иштерди жүргүздү.

Кыргызстандын улуттук басма сөзү — Улуу Октябрдын жемиши. Рев-яга чейин кыргыз элинин жазуусу болгон эмес; Кыргызстанда сов. басма сөздү түзүү иши көптөгөн кыйынчылыктар м-н жүргүзүлгөн: полиграфист, журналист кадрлар жок эле, каражат, кагаз жетишпеген. Ошондуктан алгачкы мезгилде улуттук тилде басма сөз органдарын чыгаруу респ-кадан тышкары жерлерде иш жүзүнө ашырылган. Кыргызстандагы алгачкы сов. газета «Пишпекский листок» 1918-ж. 9-мартта Пишпек (азыркы Фрунзе) ш-пда жарык көргөн. 1919-ж. ноябрда «Пишпек листогу» «Красное знамя труда» деп аталып, партиянын Пишпек уездик комитетинин органына айланат, ал эми 1920-жылдын апрелинен РКП(б)нин, РЛКСМдин уездик комитеттеринин ж-а уездик рев-яның аскер комитетинин органы катары «Красное Знамя» деген ат м-н чыккан. Пишпекте 1920-ж. комсомолдун Жети-Суу обкомунун органы «Юный пролетарий» журналы чыгарылган. 1922—1923-ж. мында Түркстан Компартиясынын Пишпек уездик-шаардык комитетинин ж-а уездик аткомдун органы «Красное утро» жумалыгы, 1918-жылдын алгында Пржевальскиде «Голос пролетарства» газетасы, 1920-жылдын августунан агартуучу агитаторлор коллективи тарабынан редакцияланууучу «Призыв к труду» жумалыгы чыгарылып турган. 1922-жылдын сентябрынан тартып Түркстан КПнин уездик-шаардык комитетинин ж-а уездик ревкомдун органы — «Красная правда» газетасы жарык көрөт. Бул газеталардын бардыгы орус тилинде чыгат.

1924-ж. редакциялык коллегия түзүлүп, Кыргыз автономиялуу обл-нын обл. партбюросу улуттук тилдеги «Газета жөнүндөгү жобону» бекиткен. Ал РКП(б)нин Кара-Кыргыз обкомунун, облревкомунун, профсоюздардын обл. советинин, «Кошчу» союзунун обкомунун, РЛКСМдин облкомунун органы — «Эркин-Тоо» газетасы эле. Газетанын биринчи редактору Осмонкул Алиев, ал кийин Кыргыз АССРинин эл агартуу комиссары болуп иштеген. «Эркин-Тоо» газетасынын алгачкы сандарын басмага даярдоого акын А. Токомбаев ж-а ошол кездеги Ташкендеги окуу жайларда окуп жүрүшкөн кыргыз студенттери активдүү катышкан. «Эркин-Тоонун» биринчи саны Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын 7-жылдыгына карата 1924-ж. 7-ноябрда Ташкен ш-пда жарыкка чыккан. Газетанын биринчи саны кедейлерге, батрактарга ж-а жалпы эле Кыргызстандын эмгекчилерине кайрылуу м-н ачылган, анда газетанын жарыкка чыгышынын тарыхый мааниси көрсөтүлүп, анын милдеттери белгиленген ж-а кеңири эл массасы газета м-н активдүү кызматташууга чакырылган. Бул сапта В. И. Ленин, Улуу Октябрь рев-ясы, О. Азиянын улуттук-мамл. болүнүшү, Кыргыз автономиялуу обл-нын түзүлүшү ж-дө макалалар ж. б. материалдар жарыяланган.



«Эркин-Тоо» газетасы. 1926.

1927-ж. 20-августта «Эркин-Тоо» газетасы «Кызыл Кыргызстан» болуп аталган. Газета улуттук жазуунун, басма сөз ж-а профессионал адабияттын башталышына негиз болгон. Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоодо, марксизм-ленинизм идеясын пропагандалоодо, эмгекчилерди пролетардык интернационализмдин ж-а СССР элдеринин достугунун духунда тарбиялоодо, формасы улуттук, мазмуну соц. маданиятты өнүктүрүүдө «Эркин-Тоо» газетасынын ролу ото зор. 1924-ж. декабрда Кыргыз автономиялуу обл-ныи партиялык, сов. ж. б. уюмдары Ташкенден Пишпекке көчүрүлгөндө «Эркин-Тоо» газетасынын редакциясы да өзүнүн басма цехи м-н бул жакка которулган. 1925-ж. 12-мартта Пишпекте «Батрацкая правда» газетасынын 1-саны жарык көрүп,

«Кызыл Кыргызстан» газетасы. 1928.



ошол эле жылдын июлунан ал «Крестьянский путь» деген ат м-н, ал эми 1927-жылдын башынан «Советская Киргизия» болуп чыга баштаган. 1926-ж. 7-ноябрда жаштардын «Ленинчил жаш» газетасынын 1-саны чыгып, бул бат эле кыргыз улан-кыздарынын арасында зор кадыр-баркка ээ болгон. Ушул жылы ВКП(б)-нин Кыргызстан обкомунун аткаруу бюросунун чечими б-ча айына бир жолу чыгуучу «Коммунист» журналы да чыга баштайт. Ал азыр Кыргызстан КП БКнын теориялык ж-а саясий журналы болуп саналат.

Сов. прессанын өсүшүндө ж-а калыптанышында ВКП(б) БКнын «Жумушчу-дыйкан кабарчыларынын кыймылы боюнча партиянын кезектеги милдеттери» (1926-ж. 27-авг.), «Басма сөзгө партиялык жетекчиликти жакшыртуу жөнүндө» (1927-ж. 3-окт.) ж. б. токтомдору зор маанеге ээ болду. Жылдан жылга газеталардын мазмуну жакшырып, тиражы өскөн. Эгерде 1925-ж. «Кызыл Кыргызстан» ж-а «Советская Киргизия» газеталарынын ар биринин тиражы 200дон болсо, 1930-ж. «Кызыл Кыргызстан» 11 500 пускага, «Советская Киргизия» 15 миң пускага чейин жеткен. Басма сөз кечеги көчмөндөрдүн турмушуна кеңири кире баштап, жумушчу-дыйкан кабарчыларынын кыймылы күч алган. Газета кызматкерлери ж-а жумушчу-дыйкан кабарчыларынын ичинен көптөгөн жазуучу, акын, журналисттер өсүп чыккан.

1930-ж. октябрь айында Караколдо (азыркы Пржевальск ш-нда) район аралык «Жаңы айыл», Өштө «Кызыл пахтачы» газеталары кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгарыла баштайт. Ушул эле жылдын июнунан тартып чала сабаттуулар үчүн «Сабаттуу бол» аттуу газета басылып чыгат. 30-жылдын башынан тартып Сүлүктү, Жалал-Абад, Талас ж-а Нарында райондук, калган райондордо — көп тираждуу газеталар жарык көрөт. Бул жылдары МТСтердин ж-а өздөрүнүн басма сөз органдары бар саясий бөлүмдөрдүн түзүлүшү м-н респ-канын бардык райондорунда МТСтердин алдында басмакапалык төрүү цехтери түзүлө баштап мурдагы цехтер техникалык жактан жабдылып, кеңейтилген.

1928-ж. 5-майда «Жаңы маданият жолунда» аттуу айына бир жолу чыгуучу илимий-педагогикалык ж-а адабий журналдын биринчи саны жарык көрөт. Ок-

Республикалык журналдар (1982)

Наамдары	Негиздеген жылы	Мезгилдүүлүгү (жылына чыккан саны)	Бир жылдык орточо тиражы (миң пуска)
Кыргыз тилинде			
Ала-Тоо	1931	12	54
Дең соолук	1960	12	109
Жаш ленинчи	1952	12	58
Коммунист	1926	12	16
Кыргызстан айыл чарбасы	1955	12	14
Кыргызстан аялдары	1951	12	67
Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору	1944	24	20
Чалкан	1955	12	112
Эл агартуу	1928	12	25
Байчеченей	1977	12	74
Орус тилинде			
Здравоохранение Киргизии	1938	6	7
Известия Академии наук Киргизской ССР	1966	6	0,86
Литературный Киргизстан	1955	6	12
Пропагандист и агитатор Киргизстана	1944	24	20
Русский язык и литература в киргизской школе	1958	6	6
Сельское хозяйство Киргизии	1955	12	4

тябрдан «Дыйкан» аттуу ай сайын чыгуучу а. ч. журналы кыргыз ж-а орус тилинде чыга баштаган. 1931-ж. сентябрде «Чабуул» аттуу адабий-корком журналдын

Республикалык газеталар (1983)

Наамдары	Области, району	Чыккан жылы	Мезгилдүүлүгү (жумасына чыккан саны)	Бир жолку орточо тиражы (миң пускада)
1	2	3	4	5
Кыргыз тилинде				
Республикалык				
Кыргызстан маданияты		1967	1	47
Кыргызстан пионери		1933	2	143
Ленинчил жаш		1926	3	118
Мугалимдер газетасы		1953	2	39
Советтик Кыргызстан		1924	6	127
Областтык				
Ленин жолу	Ош	1938	5	75
Нарын правдасы	Нарын	1938	5	16
Ысык-Көл правдасы	Ысык-Көл	1938	5	13
Ленин туусу	Талас	1981	5	6
Шаардык				
Жеңиш	Нарын ш.	1937	3	4
Коммунизм таңы	Рыбачье ш.	1934	3	2
Ленин жолу	Токмок ш.	1935	3	2
Эмгек шаңы	Талас ш.	1934	3	4
Райондук				
Айылдык трибуна	Ленинполь	1978	3	3
Алга	Лейлек	1936	3	6
Демилге	Жумгал	1966	3	3
Достук	Араван	1935	3	7
Достук	Ысык-Ата	1943	3	3
Жаңы турмуш	Жаңы-Жол	1936	3	6
Жеңиш жолу	Ат-Башы	1934	3	3
Жеңиш туусу	Кант	1933	3	1
Жеңиш туусу	Тогуз-Торо	1941	3	3
Ильич нуру	Фрунзе	1965	3	6
Колхоз эмгеги	Ак-Талаа	1940	3	3
Колхозчу	Ноокат	1934	3	11
Коммунизм малгы	Жети-Өгүз	1935	3	3
Коммунизм үчүн	Совет	1941	3	7
Коммунисттик эмгек	Түп	1934	3	3
Күзүрмөн эмгек	Алай	1933	3	5
Кызыл туу	Баткен	1933	3	5
Ленинчил	Ленин	1938	3	5
Октябрь таңы	Киров	1935	3	4
Октябрь туусу	Өзгөн	1934	3	11
Пахтачы	Сузак	1965	3	9
Селолук жаңылыктар	Москва	1970	3	1
Учкун	Токтогул	1933	3	6
Элдик трибуна	Сокулук	1970	3	1
Эмгек данкы	Ала-Бука	1938	3	7
Эмгек данкы	Калинин	1962	3	1
Эмгекке даңк	Панфилов	1978	3	1
Эмгек жарчысы	Кемин	1938	3	3
Эмгек жалыны	Базар-Коргон	1979	3	5
Эмгек майданы	Кара-Суу	1964	3	17
Эмгек туусу	Ак-Суу	1974	3	2
Эмгек туусу	Кочкор	1934	3	4
Эмгекчил	Тоң	1940	3	4
Эң кичинекей эмгек үчүн	Аламүдүн	1974	3	1
Орус тилинде				
Республикалык				
Комсомолец Киргизии		1938	3	59
Советская Киргизия		1925	6	131
Областтык				
Иссык-Кульская правда	Ысык-Көл	1938	5	10
Ленинский путь	Ош	1938	5	25
Ленинское знамя	Талас	1981	5	8
Шаардык				
Вечерний Фрунзе	Фрунзе ш.	1974	5	83
Заря коммунизма	Рыбачье ш.	1934	3	2
Коммунистический труд	Пржевальск ш.	1934	3	2
Ленинский путь	Токмок ш.	1935	3	6
Трудовая поступь	Талас ш.	1934	3	2
Райондук				
Дружба	Ысык-Ата	1943	3	3
За ударный труд	Аламүдүн	1974	3	3
Знамя победы	Кант	1933	3	4
Знамя труда	Ак-Суу	1974	3	1
Маяк коммунизма	Жети-Өгүз	1935	3	1
Народная трибуна	Сокулук	1938	3	7
Сельская новь	Москва	1934	3	6
Сельская трибуна	Ленинполь	1978	3	1
Слава труду	Панфилов	1978	3	3
Трудовая слава	Калинин	1962	3	7

1-саны, ал эми 1932-ж. январда дунган газетасы «Дун хуошир» («Чыгыш учкуну»), бир жылдан кийин пионерлер үчүн «Кыргызстан пионери» газетасы жарык көргөн.

1934-ж. октябрда Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Совети атайы газета-журналдык «Кызыл Кыргызстан» басмасын уюштуруу ж-дө токтом кабыл алган. Ушул мезгилде респ-канын журналист кадрларын даярдоону жакшыртуу чаралары жүргүзүлүп, алар үчүн курстар ачылат, өтө жөндөмдүү кабарчылар Ташкен, Алма-Ата, Москва ж. б. шаарларга окууга жиберилет. 1937-жылга карата Кыргызстанда жалпы тиражы 100 миңден ашуун респ-калык 7 газета, 3 журнал — «Коммунист», «Маданий майдан» (1932-жылга чейин — «Жаңы маданият жолунда»), «Кыргызстан совет адабияты», о. эле бир жолку жалпы тиражы 45 500 райондук 38 газета чыгып турган.

1936-ж. Кыргыз АССРинин союздан респ-ка болуп түзүлүшү басма сөздүн андан ары өнүгүшүнө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. 1938-ж. 1-майда респ-калык жаштар газетасы «Комсомолец Киргизии»нин 1-саны жарык көрөт. Кыргызстанда 4 админ. округдун түзүлүшүнө байланыштуу Кыргызстан КП(б) БК газеталарды кыргыз, өзбек, орус тилдеринде чыгарууга токтом кабыл алган. «Кыргызстандын социалисттик мал чарбасы» (кыргыз ж-а орус тилинде), «Советское здравоохранение Киргизии» аттуу илимий-популярдык журналдар чыга баштаган. 1938-жылдан «Маданий майдан» журналы «Мугалимдерге жардам» деп атала баштаган. 1940-ж. бир жолку тиражы 192 миң пуска 69 газета, анын ичинде 110 миң тираждуу 43 газета кыргыз тилинде, жалпы тиражы 233 миң пускалуу 12 журнал ж. б. мезгилдүү басылма, анын ичинде кыргыз тилинде тиражы 175 миң пуска 6 журнал чыгып турган.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталары, башка бардык мезгилдүү басма сөз органдары материалдык жана рухий күчтөрдү майдандын керектөөсү үчүн мобилизациялоо ишине активдүү катышты. Согуш жеңиштүү аяктагандан кийин Кыргызстандын басма сөз органдары соц. эл чарбасын андан ары өнүктүрүү ишинде респ-канын парт. уюмдарына активдүү жардам көрсөттү. 1946—50-ж. Кыргызстанда респ-калык 5, обл. 10, райондук ж-а шаардык 70 газета (бир жолку жалпы тиражы 160 миң пуска), «Коммунист», «Мугалимдерге жардам», «Агитатордун блокноту» (кыргыз ж-а орус тилинде) өндүү коомдук-саясий ж-а теориялык журналдар чыгып турган. 1951-ж. мартта «Кыргызстан аялдары» журналы, 1952-жылдан балдардын журналы «Жаш ленинчи», 1953-жылдын 5-апрелинен «Мугалимдер газетасы», 1955-жылдан «Кыргызстандын айыл чарбасы» журналы (кыргыз ж-а орус тилинде), сатиралык «Чалкан» журналы, 1967-жылдын январынан Кыргыз ССРинин маданият министр

1	2	3	4	5
	Дунган тилинде			
Республикалык газета «Шыйуэди чи»		1957	2	5
	Өзбек тилинде			
Областтык газета «Ленин йули»	Ош	1932	5	40

терствосунун ж-а Кыргызстан жазуучулар союзунун органы — «Кыргызстан маданияты» газетасы, 1972-жылдан «Эл агартуу» (мурун «Мугалимдерге жардам») журналы чыга баштаган. 1983-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин басмасы, Кыргыз ССР мамбаскомдун «Ала-Тоо» басмасы, Ош обл. басмасы, айрым ведомстволор тарабынан кыргыз, орус, өзбек, дунган тилдеринде бир жолку тиражы 2 миллион нускадан турган респ-калык 8, обл. 8, райондук 52, бир шаардык кечки ж-а 40 коп тираждуу газета, 16 журнал ж. б. 10 басылма чыгарылган.

Басма иши. Кыргызстанда китеп басып чыгаруу б-ча алгачкы кадам 20-жылдарда башталган. 1924-ж. кыргыз тилинде 4 китеп (үчөө Ташкенде, бирөө Москвада) басылган. Алар Э. Арабаевдин «Алпиеси», «Ленин кошогу» (кыргыз акындарынын Ленин жонундогу ырлар



В. И. Ленинди кыргызча алгач басылып чыккан эмгектери.

жыйнагы), К. Тыныстановдун «Хрестоматиясы» ж-а көз оору — трахома ж-дагы китепче. 1925-ж. Пишпекте 8 китеп чыккан. Москвада, Ташкенде кыргыз тилинде чыккандарды кошкондо ушул жылы бардыгы болуп 100 миң нускада 30 китеп чыгарылган. Алардын ичинде О. Карпинскийдин, «Ленин — дыйкандардын пролетар башчысы», А. Севастьяновдун «Ленин жана дыйкандар», З. Лилинанын «Ленин биздин окутуучубуз» (К. Баялиновдун котормосунда), РКП(б)нин уставы, ВЛКСМдин уставы, Н. К. Крупскаянын «Элге билим берүү боюнча Ленинди осуяттары» деген китеби, «Алпине», «Географиянын башталгыч курсу», «Семетей» эпосунан үзүндү, Тоголок Молдонун «Насыят» деген китеби бар. Партиянын кыргыз обкомунун отчуучу б-ча 1926-ж. февралда Москвада СССР элдеринин борб. басмасында кыргыз болуму түзүлүп, ал коп жылдар бою кыргыз тилиндеги адабияттарды чыгарып турган. 1926-ж. Кыргызстанда «Кыргызмамбас» мамл. басмасы уюшулуп, китептерди кыргыз тилинде массалык басып чыгаруу башталган. Ушул жылда 26 наамдагы китеп жалпысынан 65,7 миң нускада, 1927-ж. 74 китеп 280 миң нускада, 1928-ж. 100 китеп 500 миң нуска м-н басылып чыккан. Басманын планында В. И. Ленинди эмгектерин чыгаруу башкы орунда турган.

30-жылдардын башталышында В. И. Ленинди «Аз болсо да жакшы болсун», «Рабкринди кантип кайрадан уюштуруу керек», «Социалисттик мелдештин маселелерине карата» деген эмгектери, «Жумушчулар менен дыйкандардын союзу» деген макалалар жыйнагы кыргыз тилинде жарык корген.

1935-ж. Партиянын кыргыз обкомунда партиялык адабияттарды ж-а марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектерин басып чыгаруу б-ча комиссия түзүлгон. Кийин Маркс м-н Энгельстин «Тандалган чыгармалары», В. И. Ленинди чыгармалар жыйнагынын 4-басылышынын 45 томдугу, анын илимий омүр баяны, башка эмгектер да чыгарылган. Совет бийлигинин жылдарында В. И. Ленинди чыгармалары кыргыз тилинде 176 жолу жалпы тиражы дээрлик 1,5 млн нускада басылган. Корком адабияттарды чыгаруу да бир кыйла жолго коюлган. Кыргыз жазуучуларынын 1-съездине карата (1934-ж. апр.) А. Токомбаев, М. Элебаев, Ж. Турусбеков, Ж. Боконбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Я. Шиваза («Чолпон» — дунган элинин тарыхында биринчи басылган китеп), С. Сасыкбаев ж. б. корком соз устаттарынын жыйнактары жарык корген. Котормо адабияттарды чыгаруу да арбыган. Республиканын басмалары элүү жыл ичинде миңден ашуун наамдагы китеп жана китепчелерди 130 млнго жакын нускада басып чыгарган. Алардын ичинде Л. И. Брежневдин создорүнүн ж-а макалаларынын «Лениндик багыт менен» деп аталган 7 томдугунун, «Кичи жер», «Кайра жаралуу», «Дыц жер» училтигинин, КПССтин тышкы сайсий ишмердигин жыйынтыктаган адабияттардын кыргыз тилинде жарык корүшү респ-канын китеп басмасы м-н маданий турмушундагы маанилүү окуя болду.

Кыргызстан боордош сов. респ-калардын ичинде китеп чыгаруу б-ча алдыцкы орундарда турат. Совет бийлигинин жылдарында орус ж-а совет адабиятынын классиктеринин 1030дан ашык чыгармасы кыргыз тилинде 11,5 млн нуска м-н басылган. 1926-жылдан 1979-жылга чейин СССРдин жазуучу, акындарынын 356 китеби кыргыз тилине которулуп, жалпысынан 4 млн 725 миң нускада жарык корген. Кыргыз жазуучулары менен акындарынын китептери СССР ж-а дүйно элдеринин тилдеринде 700дон ашык жолу басылып чыккан. Ал эми 1964—1983-ж. чет элдик жазуучулардын 164 чыгармасы кыргыз тилине которулуп, 2,7 млн нускада басылган. Респ-када жалац китеп чыгаруучу басма — тортоо. Алар жылына 9 млн нускадагы бир миңге жакын китеп басып чыгарат.

«Кыргызстан» басмасы. 1926-ж. 30-сентябрда Кыргыз автономия обл-нын Аткаруу Комитетинин Президиуму «Кыргызмамбас» басмасынын Уставын бекиткен. Ушул акт м-н Кыргызстанда китеп басуу ишине негиз салынган. Басма 1964-ж. июль айында «Кыргызстан» басмасы деп аталып, Кыргыз ССРинин басма иштери, полиграфия ж-а китеп соодасы б-ча мамл. комитетинин системасына кирген. Басма саясий, социалдык-экон., ондүрүштүк-техникалык ж-а корком адабияттарды басып чыгарууга адистештирилген. Түзүлгон күндон 1983-жылга чейин басма жалпысынан 100 млн 509 миң нускадагы 13 997 китеп, китепче басып чыгарган.

«Мектеп» басмасы. Бул басма 1953-ж. сентябрда „Кыргызмамбастын" мектептер үчүн окуу китептери м-н окуу куралдарын басмага даярдоочу болумунун базасында түзүлгон. Ал мектептер үчүн окуу китептерин, педагогикалык окуу жайлары үчүн окуу-методикалык куралдарды, мектептин пионердик ж-а комсомолдук иштери б-ча китептерди, балдар үчүн оригинал ж-а котормо корком адабияттарды басып чыгарат. Эгерде 1954-ж. басма тарабынан 1 млн 350 миң нускадагы 133 наамдагы китеп даярдалган болсо, 1982-ж. 5 млн 975 миң нуска м-н 285 китеп чыгарылган.

«Илим» басмасы. 1955-ж. түзүлгон «Илим» басмасы респ-кадагы илимий китептерди чыгаруунун борбору болуп эсептелет. Мында математика, физика, автоматика, химия, биология, физиология, геология, тоокен иштери, география, археология, тарых, экономика, философия, тил, адабият ж. б. б-ча китептер басууга даярдалат. Басмада жылына 100 миң чамалуу нускада 100го жакын китеп чыгарылат.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитети м-н Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык 1968-ж. Кыргыз ССР



Кыргыз Совет Энциклопедиясы.

илимдер академиясынын алдында түзүлүп, 1974-ж. Кыргыз ССРинин басма иштери, полиграфия ж-а китеп соодасы б-ча мамл. комитетинин карамагына откон. Илимдер академиясы КСЭнин басылып чыгарылышына илимий жетекчилик кылат. 1976—83-ж. КСЭнин 30 миң макаланы ичине алган 240 басма табак олчомундогу алфавиттик 6 тому, Кыргыз ССРине арналган атайын (орус, кыргыз тилдеринде) томдору, Алфавиттик-предметтик ат корсоткучү, о. эле «Улуу Октябрь социалисттик революциясы» энциклопедиясы (котормо), Кыргыз тилинин орфографиялык создугу чыкты.

Китеп, газета, журнал ж. б. мезгилдүү басылмалардын чыгарылышы

	1940	1965	1975	1980
Китептер				
Китептердин, басма бирдиктеринин саны	350	959	960	1075
а. и. кыргыз тилинде	174	419	440	500
тиражы, миң нуска м-н	1283	5032	8104	8765
а. и. кыргыз тилинде	1008	2235	4297	3538
Журналдар				
Журналдар ж-а башка мезгилдүү басылмалар (мезгил м-н чыгуучу жыйнактар ж-а бюллетендерди кошо алганда)	12	54	33	32
а. и. кыргыз тилинде	6	18	20	16
Жылдык тиражы, миң нуска м-н	233	8016	30656	32616
а. и. кыргыз тилинде	175	2896	8658	8965
Газеталар				
Газеталар м-н басылмалардын саны	69	83	101	107
а. и. кыргыз тилинде	43	45	56	60
Бир жолку тиражы, миң нуска м-н	192	594	1196	1210
а. и. кыргыз тилинде	110	358	732	766

Бүткүл союздук мамлекеттик «Союзучётиздат» бирикмесинин кыргыз болумү. Болум 1931-жылдан бери иштейт. Респ-канын Борб. статистикалык башкармасы үчүн инструкцияларды, бланк барактарын даярдан басып чыгаруу иштерин жүргүзөт.

Мамлекеттик китеп палатасы. Кыргыз ССРинин мамбаскомунун Мамл. китеп палатасы басма создүн борборлоштурулган каталогун түзүүнүн, библиографиясынын ж-а статистикасынын, басма иштери, полиграфиялык о. ж. китеп соода тармагындагы илимий-техникалык информациянын ж-а пропагандаын борборду болуп эсептелет. Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин токтомуна ылайык 1939-ж. 1-январда ачылган. Палатага жыл сайын 14 миңден ашык нускадагы басма соз материалдары түшүп турат. 1980-жылдын башында Кыргыз ССРинин басма соз архивинде алардын жалпы саны 680 000ге жеткен. Палата респ-канын китеп басмаларынын перспективалуу ж-а редакциялык-даярдоо пландарынын тематикасын оркундөтүүгө жардам берет. Ал «Кыргыз ССРинин басма соз летописи», «Советтик Кыргызстандын китептери», «Кыргыз ССРинин ноталарынын ж-а сурот онорүнүн басма чыгармаларынын летописи» ж-а «Рецензиялар летописин», ал эми 1965-жылдан «Кыргыз ССРинин басма созүндө» аттуу корсоткучтордү чыгарат. О. эле китепканалар үчүн басылган аннотациялык карточкаларды, респ-канын ар түрдүү мекемелеринде кеңири колдонулуучу статистикалык жыйнактарды ж-а материалдарды чыгарат. Китеп палатасынын 1982-ж. басып чыгарган иштеринин жалпы колому 170ten ашык басма табакты түзгон.

Китеп соодасы. 1913-ж. Пишпекте жеке менчик 2 китеп дүкөнү болгон. Ош м-н Токмокто да китеп м-н жеке соода жүргүзүлгон.

1983-жылдын башында респ-канын ш-ларында китеп соодасы «Кыргыз китеп» бирикмеси, ал эми айыл жеринде Кыргыз керек-жарак союзу аркылуу ишке ашырылган. Булардын карамагында 241 дүкөн, 160 киоск, 2 китепканалык коллектор ж-а респ-калык китеп-канцеляриялык база бар. Китептердин бир бөлүгү адистештирилген «Академкнига», «Союзпечать», «Военная книга» дүкөндөрү аркылуу сатылат. Китеп сатуу коомдук башталмадагы элдик дүкөн, киоск, мектептик, студенттик кооперациялар, китепканалар аркылуу соода кылуу кеңири кулач жаюуда. Букинист соодасынын коломү да осүүдө.

Полиграфия онор жайы. Кыргызстандын полиграфиялык базасы Пишпекке оздорүнүн адистерин, аппаратын ж-а машиналарын жиберип турушкан Алма-Ата, Ташкендин полиграфисттеринин активдүү жардамы м-н түзүлгон. Басма соз органдары ж-а китеп басып чыгаруунун осүшү м-н бирге респ-канын полиграфиялык базасы да кеңейген. 1930—1931-ж. Фрунзеде басма үйү курулуп, анда ошол кездеги респ-кадагы эң ири басмакана, газеталардын редакциялары ж-а Кыргыз мамл. басмасы жайгаштырылган. 1930-ж. полиграфисттерди даярдоо максатында ФЗУ мектеби ачылган.

1930—32-ж. респ-када 5 басмакана болгон. 1983-ж. Кыр-



Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы ат. Кыргызполиграфкомб и н а тынын терүү цехинде.

гызстанда 15 басмакана, о. эле редакциялардын алдында түзүлгөн 22 басмаканалык цех иштеген. 1966-ж. Фрунзе ш-нда кубаттуулугу жылына 200 млн басма бирдигин түзгөн (жалпысынан респ-канын полиграфия о. ж-лары жылына 320 млн басма бирдигин чыгара алат) О. Азиядагы эң ири комбинаттардын бири — Кыргыз полиграфия комбинаты курулуп, ишке киргизилди.


А. Абакиров

РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ

Республикада радиолоштуруу иши жалпы эле О. Азиядагыдай 20-жылдардын ортосунда башталган. 1926-ж. Кыргызстандын борборунда БАКтын имаратында Ташкенддин «Өзбекстан радиосу» радиостанциясын кабылдоочу биринчи радио түйүн орнотулган. Кыргыз АССРинин Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съезди ачылган күн — 1927-жылдын 7-мартын Кыргыз радиосунун туулган күнү деп эсептөөгө болот. Бул күнү шаардын көчөлөрү м-н алпттарына коюлган репродукторлор аркылуу респ-кадагы алгачкы радио уктуруу жүргүзүлгөн. Көп зор кыйынчылыктарга — материалдык базанын жоктугуна, жабдуунун ж-а адистердин жетишсиздигине карабастан, 1930-жылдын ортосуна чейин респ-када бир нече радио түйүнү, 2 мицдей радио точкасы орнотулган. 1931-жылдын башында Фрунзеде ири радиотранслициялык түйүн иштей баштаган. Буга чейин шаарда 25 кмге жакын радиотрансляция тармагы болгон. 1931-ж. Ош, Каракол, Токмок ж-а Кызыл-Кыя ш-ларында да радиотрансляция түйүндөрү ишке киришкен. 1932-ж. респ-када дагы 12 радио түйүн: Ат-Башы, Жалал-Абад, Кочкор, Сүлүктү, Базар-Коргон, Нарын, Коргон-Тобо, Покровка, Гүлчө, Дмитриевка, Караван, Өзгөндө курулган.


Кыргыз АССР Аткаруу комитетинин 1931-ж. 1-декабрдагы токтомуна ылайык Респ-канын байланыш башкармасына караштуу Радио уктуруу б-ча респ-калык комитет уюштурулган. Ал 1932-ж. май айында Кыргыз АССР БАКка караштуу Радио уктуруу б-ча респ-калык комитет болуп кайра уюшулган. Комитет кыргыз ж-а


1. Манаечы С. Каралаев телестудияда. 2. Талаадагы съёмка. 3. Өздүк көркөм чыгармачылыгынын катышуучулары. 4. К. Орозов атн. эл аспаптар оркестри.











Кыргыз радиосунун дикторлор бөлмөсүндө.

орус тилдеринде берүүлөр үчүн кадрларды тандоо ж-а даярдоо иштерин жүргүзүп, ишканалардан жумушчу кабарчыларды, колхоздор м-н совхоздордон айылдык кабарчыларды ишке тарткан. 1932-жылга чейин студиялык берүүнүн кеңири тараган формасы кыргыз ж-а орус тилдеринде, кийинчерээк дунган тилинде да берилүүчү «Фрунзе жумушчусу», о. эле «Коргонуунун чыңы» ж. б. радиогазеталар болгон. Ошто ВКП(б)нин Араван-Буура райкомунун чечимине ылайык 1932-ж. марттан кыргыз тилинде «Кызыл пахтачы», өзбек тилинде «Коммунист» аттуу радиогазеталар уктурулган. Караколдо «Ленин жолу», «Колхоз туусу», Кызыл-Кыяда «Шахтёр» аттуу күн сайын берилүүчү радиогазеталар уюштурулган. Радио уктуруу б-ча респ-калык комитеттин негизги базасы Фрунзе радиостудиясы болгон. Анын уктуруулары, Москва, Ташкент сыяктуу башка шаарлардан алын уктурууларды кошкондо 1932-ж. күнүнө 9 саат 30 минутаны түзгөн. Мүнүн 5 саат 30 минутасы жерг. берүүлөргө арналган. Радио уктуруу ишине белгилүү ырчылар, композиторлор, чыгармачыл коллективдер тартылган. 1936-ж. ноябрда Фрунзеде алгачкы кеңири уктуруучу радиостанция иштей баштайт. 1937-ж. радио уктуруу Кыргызстандын көпчүлүк аймагында ишке ашкан. Иштеп турган 43 радио түйүндүн, 12синин өз программасы болгон. Берүүлөр кыргыз, орус ж-а дунган тилдеринде жүргүзүлгөн. Согуштун алдында Радио уктуруу б-ча респ-калык комитетте (Кийин Кыргыз ССР Министрлөр Советине караштуу Радиолоштуруу ж-а радио уктуруу комитети болуп түзүлгөн) пропаганда ж-а агитация, акыркы кабарлар, музыка, адабий ж-а балдар үчүн берүү редакциялары болгон.

Радио Улуу Ата Мек. согуш жылдарында кабар берүүнүн эң маанилүү каражаты эле. Кыргыз радио уктуруусу жерг. берүүлөр м-н катар бүткүл союздук радионун бардык маанилүү кабарларын, «Советтик Информбюронун» билдирүүлөрүн, өкмөт м-н партиянын токтомдорун берип турган. Кыргыз ССРинин радио тармагы согуш мезгилиндеги ж-а согуштан кийинки кыйынчылыктарга карабастан, 1940-жылдан 1949-жылга чейин 10 мич радиоточкага көбөйгөн. 1946-жылдын 15-декабрындагы маалымат б-ча Респ-калык радио комитетинин карамагында 5 обл. комитет (Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Талас, Тянь-Шань) ж-а 35 райондук, шаардык радиоредакция болгон. 1954-жылдын башында респ-када 140 радио түйүнү, 61 мицден ашуун радиоточка, 30 мицден көбүрөөк радио кабылдагыч болгон. 1949-жылга салыштырганда радио түйүндөрүнүн саны 2 эседен ашуун, айыл жериндеги радиоточкалар 3,5 эседен ашуун көбөйгөн. Кыргыз радиосунун жерг. уктуруусу суткасына 7 саатты түзгөн. 1958-ж. респ-када 220 радио түйүнү болуп, анын 75и колхоздук эле. 157 мич радиотрансляциялык точка болгон. Бул мезгилде бардык шаарлар, жумушчу посёлкалары, совхоздор жана 40 колхоз радиолоштурулган. 1983-ж. Кыргыз ССРинин телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитетинде 1057 киши иштеген. Комитеттин радиотелеборбору, симфониялык оркестри (1969) ж-а хору (1974) бар. Кыргыз радиосунун суткалык уктуруусу 2 программа б-ча Москва берүүлөрүн кошкондо 68 саат 30 минутаны түзөт. Анын 25 сааты респ-канынкы (18 саат кыргыз тилинде, 7 саат орус тилинде, а. и. 7 сааты стереофондук угузуу). Булардан сыртқары жумасына 1 сааттан немец, өзбек, дунган тилдеринде уктурулат. 1983-ж. респ-када 435 радиотрансляция түйүнү иштеп, анын 300ү Кыргыз ССР байланыш министерствосуна, 135 колхоздорго ж. б. ведомстволорго тиешелүү болгон. 602 мич радиоточка иштеген. Калк жашаган 1376 пунктта радио уктуруу өткөргүч аркылуу ишке ашырылган.

Респ-канын телекөрсөтүүсү 1958-ж. декабрда сыноо көрсөтүүлөрү м-н башталып, 5 жылдан кийин суткалык көрсөтүүсү 6 саатка жеткен. 1983-ж. радио уктуруу сыяктуу эле респ-канын бардык аймагы телекөрсөтүү м-н толук камсыз кылынып, суткалык телекөрсөтүү орто эсеп м-н 43 саат 54 минутаны түзгөн. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ар бир суткалык үч сааттык телеберүүлөрүнүн эки сааты кыргыз тилинде, бир сааты орус тилинде берилет. Түстүү телекөрсөтүү суткасына 6 саатты түзөт. Респ-канын калкынын пайдаланууусунда 400 мицдей телекөрсөткүч бар, анын 3 мици түстүү. Радио угуучулар менен телекөрүүчүлөрдүн арасында: «Миллиондордун лениндик университети», «Партиялык турмуш», «Биз—интернационалисттербиз», «Турмуштун советтик образы», Сов. Союз. элдеринин достугун чагылдырган «Чоң жана ынтымактуу үй-бүлөдө», «Бир тууган советтик республикаларда» ж-а респ-канын эмгектик күндөрүнө арналган «Кыргызстандын даны», «Демилгечилер жана аны жолдоочулар», «Беш жылдыктын курулуштарында», «Мелдештин күндөлүгү», «Адам, закон, коом» ж. б. рубрикалардагы берүүлөр кеңири белгилүү. 1968-ж. Радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү б-ча мамл. комитетке караштуу «Кыргызтелефильм» чыгармачыл бирикмеси түзүлгөн. Ал 1973-жылдан өз алдынча студия. «Кыргызтелефильм» бирикмеси 32ден ашуун көркөм ж-а документ фильм жаратты. «Ак Моор», «Парижге карай жол», «Бийик жердеги малчы», «Бир минутада 6 сигнал» фильмдери эл аралык ж-а бүткүл союздук фестивалдарда сыйлыкка татыктуу болгон. Бир жылкы жазы плёнкалуу кинопродукция 6 саат 30 минутаны түзөт, анын 1 сааты концерттик программа.

Өкмөттүк сыйлык алган басмалар, газета, журнал редакциялары

Наамдары	Сыйланган жылы	Ордендери
«Советтик Кыргызстан» газетасы	1958	Эмгек Кызыл Туу
«Советская Киргизия» газетасы	1961	Эмгек Кызыл Туу
«Ленинчил жаш» газетасы	1976	«Ардак Белгиси»
«Коммунист» журналы	1976	Эл Достугу
«Кыргызстан» басмасы	1976	Эл Достугу
«Эл агартуу» журналы	1978	«Ардак Белгиси»
«Ала-Тоо» журналы	1981	Эл Достугу
«Кыргызстан пионери» газетасы	1983	«Ардак Белгиси»

С. Громов

Ад.: Басма сөз. Кыргыз ССРинин басма сөзү... Фр., 1979, 179 б.; Данияров С., Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии, Фр., 1972, 263 с.; Абакиров А., Киргизская книга, Фр.; 1975, 40 с.; его же, Киргизской книге — 50 лет, Фр., 1976, 126 с. Радиоуктуруу жана телекөрсөтүү. Бектенов Э. З., Телевидение биздин турмушта, Фр., 1963, 77 б.; Басма сөз, радио жана телекөрсөтүү, Фр., 1969, 13 б.

ИЛИМ ЖАНА ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕР



Кыргыз ССР илимдер академиясына Эл Достугу орденин тапшыруу. 1975.

Кыргызстанда илимдин пайда болушу ж-а өнүгүшү Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишин м-н тыгыз байланышкан. Рев-яга чейин Кыргызстанда бир да жогорку окуу жайы ж-а ил. из. мекемеси болгон эмес. Бул аймактын жаратылышын ж-а ресурстарын, кыргыз элинин тарыхы м-н маданиятын орустун алдыңкы окумуштуулары П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Н. А. Северцов, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, П. М. Пржевальский, С. С. Неуструев, В. В. Бартольд, В. В. Радлов ж. б. изилдешкен, бирок изилден үйрөнүү туруктуу жүргүзүлгөн эмес. Окт. рев-ясынын жеңишин м-н биздин коп улуттуу Мекенибиздин бардык элдери сыяктуу эле кыргыз эли да экономиканы, маданиятты ж-а илимди өнүктүрүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү алган.

Коммунисттик партия м-н Совет өкмөтү Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле, а. и. падышалык Россиянын мурдакы чет-жакаларында да илимди тездик м-н өнүктүрүү б-ча иш чаралар кабыл алган. 20-жылдардын башында Кыргызстанды археологиялык-этнографиялык изилден үйрөнүү башталган. Түркстандагы музей иштери, искусство, жаратылыш ж-а байлыкты эстеликтерди коргоо б-ча комитеттин (1923—24) кызматкерлери археологиялык эстеликтер — Манастын күмбөзү ж-а Бурана мунарасын изилден, казуу иштерин жүргүзгөн. Фергана археологиялык экспедициясы Өзгөн архитектуралык комплексин изилдеген. Тоолуу райондордо этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыргыздардын чарб. укладынын ж-а социалдык мамилелеринин өзгөчөлүктөрү аныкталып, белгилүү ийгиликтер тарыхты изилден үйрөнүү жагында жетишилген. 1927-ж. В. В. Бартольддун «Кыргыздар» аттуу эмгеги жарыкка чыккан. 20-жылдардын ортосунан баштап Кыргызстандын аймагында СССР ИАнын ар түрдүү экспедициялары иштеп турган. 1924—26-ж. академик А. Е. Ферсмандын жетекчилиги астында Кыргызстандын түштүгүндө кен байлыкты изилдөө жүргүзүлгөн. 1925-ж. СССР ИАнын топурак изилдөө ин-тунун экспедициясы бир катар мал чарба райондорунда геоботаникалык ж-а географиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ушул эле мезгилде проф. Л. С. Берг тарабынан Ысык-Көлдө балык чарбасын уюштурууну изилдөө башталган. О. эле гельминтологиялык, антропологиялык ж-а мал чарба экспедициялары уюштурулуп, респ-канын фольклорун изилден үйрөнүү, термдик булактарды геохимиялык изилдөө башталган. Борб. илимий мекемелердин экспедицияларын уюштуруу м-н катар респ-канын озунун илимий мекемелерин ачуу үчүн да шарт түзүлгөн. Мис., Кара-Кыргыз автономия областы түзүлгөндөн кийин ил. из. иштерин уюштуруу максатында 1924-ж. Академиялык борбор уюштурулган. 1925-ж. анын ордуна обл. эл агартуу болумунун алдында Илимий комиссия түзүлүп, анда илимий изилдөөлөр координацияланып, кыргыз тилинде окуу китептери ж-а окуу куралдары басылып турган. Жазууну араб тамгасынан латын тамгасына которуу иши аяктаган.

1926-ж. декабрда Фрунзеде Кыргызстандын борб. музейин түзүү ж-дө токтом кабыл алынган. Музей респ-канын айрым райондорун комплекстүү изилдөө үчүн экспедицияларды уюштурган. Мында негизги көңүл тарыхый-этнографиялык материалдарды жыйноого бурулган. 1928-ж. биринчи ил. из. ин-ту — Край таануу ин-ту ачылат, анын составында 3 болум: табигый өндүрүч күчтөр, чарб.-экон. ж-а социалдык болумдөр болгон. Ага крайдын жаратылыш байлыктарын ж-а маданиятын план менемдүү, ар тараптан изилден үйрөнүүнү уюштуруу жүктөлүп, геология, биология, экономика, тарых, кыргыз тили б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 20-жылдардын аягында Кыргызстанда Край таануу ин-тунан башка Жер иштери эл комиссариатынын алдында Кыргызстан метеорологиялык бюросу, ветеринария-бактериология станциясы, селекция ж-а а. ч. тажрыйбалык станциялары иштеген. Ил. из. иштери, о. эле Борб. статистика башкармасы, Кыргыз суу чарба мекемеси, Агартуу эл комиссариаты тарабынан да жүргүзүлгөн. 1929-ж. ил. из. мекемелеринин иш планы биринчи жолу координацияланып, бул крайда илимий изилдөөнү уюштурууну жакшыртууда зор мааниге ээ болгон. 1930-ж. Край таануу ин-тунун базасында Мал чарба, Маданий курулуш ин-ттары негизделген. Мал чарба ин-тунун түзүлүшү м-н респ-канын эл чарбасынын негизги тармагын илимий негизге коюуга, малдын санын көбөйтүү ж-а тукумун жакшыртуу, малды туура ж-а рациондуу тоюттандыруу, тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, жайытты жакшыртуу маселелерин б-ча системалуу изилдөө башталган. Маданий курулуш ин-тунун изилдөөлөрүнүн негизги багыттарынын бири кыргыз адабий тилинин терминологиясы, грамматикасы ж-а орфографиясынын негиздерин иштеп чыгуу болгон. 1936-ж. анын базасында Тил ж-а жазуу ин-ту уюштурулган.

1932-ж. алгачкы жогорку окуу жайы — Кыргыз мамл. педагогика ин-ту уюшулуп, респ-када жогорку билим алууга жол ачылган. 1933-ж. Кыргызстан а. ч. ин-ту негизделген. Алгачкы жогорку окуу жайлар эл чарбасы ж-а илим үчүн кадрларды даярдоодо зор роль ойногон. Бул иште борб. жогорку окуу жайлары, а. и. Ташкендеги О. Азия мамл. университети (1920-ж. В. И. Ленин кол койгон декрет б-ча түзүлгөн алгачкы жогорку окуу жай) баа жеткис жардам көрсөткөн. 30-жылдарда СССР ИАнын А. Е. Ферсман, Д. И. Щербаков ж. б. жетектеген Тажик-Памир экспедициясы геология, геохимия, топурак изилдөө б-ча олуттуу изилдөөлөр жүргүзгөн. Респ-каны ар тараптан изилдөөдө ж-а анын илимин өнүктүрүүдө Кыргызстандын өндүрүч күчтөрүн изилден үйрөнүү б-ча СССР ИАнын 1932-ж. уюштурулган Кыргыз комплекстүү экспедициясы зор мааниге ээ болгон. Анын составында 12 атайын отряд (геологиялык, геоморфологиялык, мал чарба ж. б.) түзүлгөн. Экспедиция тарабынан Ысык-Көлдүн гидрологиясы, коргошун, комүр ж-а сурьма-сымап кендеринин жаткан жерлери, аймактын сейсмдик жагы, о. эле малдын тукумун жакшыртуу маселелери изилденип, археологиялык ж-а антропологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

1933-ж. февралда Ленинградда респ-канын өндүрүч күчтөрүн изилден үйрөнүү б-ча конф-л өткөн. Конф-ярга СССР ИАнын, өлкөнүн башка ил. из. мекемелеринин ичинде Кыргызстандан 200дөн ашуун илимий ж-а өндүрүштө иштеген кызматкер катышып, алар Кыргызстандын жаратылыш байлыктарын, экономикасын, маданиятын изилдөө б-ча иштердин жыйынтыгын чыгарышкан ж-а анын өндүрүч күчтөрүн мындан ары изилдөөнүн, өнүктүрүүнүн жолдорун аныкташкан. Респ-канын өндүрүч күчтөрүн изилден үйрөнүү б-ча экинчи конф-я 1935-ж. Москвада өтүп, ал да илимий ж-а практикалык зор мааниге ээ болгон. Конф-ярга 300дөн ашуун делегат, а. и. СССР ИАнын академиктери А. П. Карпинский, В. П. Волгин, И. М. Губкин, Н. И. Вавилов, А. Д. Архангельский, Д. Н. Прянишников, С. Г. Струмилин ж. б-лар катышкан. Конф-яда топурак изилдөө, дыйканчылык ж-а осумдук өстүрүү, тоют базасын түзүү проблемаларына зор көңүл бурулган. Конф-янын чечиминде респ-канын гидроэнергоресурстарынын ж-а пайдалуу кендеринин мүнөздөмосу, алардын ө. ж-лык негизде өздөштүрүү маселелери маанилүү орунду ээлеген. Кыргызстандын изилденишине мүнөздөмө берилген ж-а басылып чыккан эмгектер каралган. Экспедициялык изилдөөлөрдүн натыйжаларынын негизинде конф-я эл чарбасын ж-а өндүрүч күчтөрдү илимий негизде өнүктүрүүнү камсыз кыла турган илимий изилдөөлөрдүн планын иштеп чыккан. Кыргыз комплекстүү экспедициясы ж-а анын жыйынтыгы б-ча конф-ялар ил. из. иштерин соц. курулуштун милдеттери м-н тыгыз байланышта өнүктүрүүнүн негизги багыттарын калыптандырууда аныктоочу роль ойногон.

Илимий мекемелердин санынын көбөйүшүнө байланыштуу илимий изилдөөлөрдү уюштурууну ж-а координациялоону жакшыртуу максатында 1936-ж. Кыргызстан ЭКСинин алдында Илимдер комитети түзүлүп, ал илимий мекемелерди чыңдоо, аларда изилдөөлөрдү кеңейтүү, илимдин өндүрүш м-н байланышын жакшыртуу б-ча зор иштерди жүргүзгөн. 1937-ж. Илимдер комитети педагогика ин-ту м-н бирдикте бир катар райондордогу тарыхый эстеликтерди изилдөө үчүн тарыхый-археологиялык экспедиция уюштурган. Кыргыз ССР ЭКСинин ж-а Илимдер комитетинин чечими б-ча 1938-ж. Фрунзеде Ботаника багы уюштурулган. 1938-ж. Геологиялык башкарманы түзүү жаратылыш байлыктарын изилдөөлөрдү андан ары өнүктүрүү, аларды өндүрүшкө тартуу иштинде чоң мааниге ээ болгон. Минералдык сырьёнун ар кандай түрлөрүн издөө ж-а чалгындоо иштери м-н бирге Геол. башкарма тарабынан респ-када аймак-аймак б-ча ыраатту түрдө геол. съемка жүргүзүү ж-а анын орто масштабдардагы геологиялык картасын түзүү башталган. 30-жылдардын акырында алгачкы илимий медициналык мекемелер түзүлгөн. Мис., 1938-ж. Кыргызстан эпидемиология, микробиология ж-а гигиена ил. из. ин-ту уюштурулуп, мында жугуштуу ооруларга каршы күрөштүн илимий методдору иштелип чыккан. 1939-ж. медицина ин-ту ачылып, анда врач кадрларды даярдоо м-н катар медицина илиминин актуалдуу проблемалары изилденген. 30-жылдарда малдын ылаңдарына каршы күрөшүү б-ча изилдөөлөр жайылтылып, малдын ылаңдарын диагноздоо б-ча белгилүү натыйжаларга жетишилген, козунун дизентериясы изилденген, бул ылаңга каршы сыворотка ж-а вакцина иштелип чыккан. 1940-ж. Кыргызстан ил. из. ветеринариялык тажрыйба станциясы түзүлүп, крайлык эпизоотияны изилден үйрөнүүнүн, малдын жугуштуу ооруларынын алдын алуу ж-а дарылоо методдорун иштеп чыгуунун үстүндө иш жүргүзгөн. 1940-ж. Кыргызстанда илимий мекемелердин саны 13кө жетип, аларда 323 илимий кызматкер, а. и. илимдердин 13 доктору, 45 кандидаты болгон. Жергиликтүү улуттун илимий кызматкерлеринин чоң отряды өсүп чыккан.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында респ-канын илимий мекемелери СССР ИАнын Кыргызстанга эвакуацияланган ил. из. ин-ттары (эволюциялык морфология, генетика, биохимия, физиология) м-н бирдикте коргонуу ж-а эл чарбасын өнүктүрүү б-ча ири мааниге ээ болгон проблемаларды иштеп чыгууга кошулушкан. Кыргызстан Компартиясынын БКсы респ-калык илимий мекемелердин тематикасын согуш мезгилинин талабына ылайыкташтырып, кайрадан түзүүдө аларга таасирдүү жардам көрсөтүүгө Илимдер комитетин милдеттендирген. Мында негизги көңүл жаратылыш ресурстарын изилдөөгө ж-а аларды пайдалануунун, Сурьманын, сымаптын, түстүү ж-а сейрек учуроочу металлдардын жаңы кендерин ачылган. Таш көмүр ө. ж-нын өнүгүшү тездеген. Азык-түлүк ресурстарын көбөйтүү маселелери изилденип, конкреттүү сунуштар киргизилген. Бул милдеттер Кыргызстанга убактылуу эвакуацияланып келген көрүнүктүү окумуштуулар м-н бирдикте ийгиликтүү ишке ашырылып турган. Алардын бүргөлөшкөн иши респ-канын окумуштууларынын илимий деңгээлинин өсүшүнө зор таасир тийгизип, масштабдуу илимий изилдөөлөрдүн тажрыйбасына ээ болуунга жардам берген.

Илимий көчтөрдүн өсүшү, бул мезгилде кеңири жайылтылган илимий изилдөөлөр Кыргызстанда ил. из. мекемелеринин иши координациялоо үчүн илимий борборду түзүү зарылдытын пайда кылган. 1943-ж. 13-августа Фрунзеде СССР ИАнын Кыргыз филиалы салтанаттуу түрдө ачылып, академик К. И. Скрябин анын председатели болуп калган. Филиал түзүлгөн жылы анда 130 кызматкер, а. и. илимдин доктору ж-а кандидаты деген илимий даражасы бар 31 адам иштеген. СССР ИАнын Кыргыз филиалы иштей баштаган алгачкы жылдардан эле илимий изилдөөлөрдү уюштуруу б-ча интенсивдүү иштерди жүргүзгөн. Бир жылдын ичинде эле илимдин ар түрдүү тармактары (геология, биология, химия, археология) б-ча 19 илимий экспедиция уюштурулган. Минералдык сырьёну изилдөө жагында белгилүү ийгиликтер камсыз кылынган. Кыргыз тили илими б-ча изилдөө иштери жүргүзүлгөн, респ-каным жалпылаштырылган геоботаникалык картасын түзүү аяктаган. Филиал жыл өткөн сайын чыңдала берген. Анын ил. из. мекемелеринде респ-калык гана эмес, региондук да, о. эле союздук проблемаларды чечүүгө байланышкан теориялык ж-а практикалык маселелер иштелө баштаган. СССР ИАнын Кыргыз филиалын уюштурууда ж-а анын изилдөөлөрүнүн негизги багыттарын белгилөөдө көрүнүктүү окумуштуулар В. Л. Комаров, К. И. Скрябин, А. А. Борисяк, Д. И. Щербаков, А. Н. Бах ж. б-лар зор жардам көрсөтүшкөн. 50-жыл-



Кыргыз ССРинин илим күндөрүнүн Москвада ачылышы. 1969.

дардын биринчи жарымында илимди андан ары өнүктүрүү үчүн зор мааниси бар илимий жаңы мекемелер ачылган. 1950-ж. Фрунзеде Кыргызстан КП БКга караштуу Партиянын тарыхы ин-ту—КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм ин-тунун филиалы түзүлүп, анын милдетине марксизм-ленинизм классиктеринин, партиянын ж-а өкмөттүн жетекчилеринин эмгектерин кыргыз тилине которуу, Кыргызстан Компартиясынын тарыхын иликтөө, респ-када тарыхый-партиялык илим б-ча изилдөөлөрдү координациялоо кирген. 1951-ж. КМПИнин базасында КМУ ачылган, о. эле Кыргыз ССР агартуу министерствосунун алдында Кыргызстан педагогика ил. из. ин-ту түзүлгөн. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын составында геология, химия, суу чарба, энергетика, ботаника, зоология ж-а паразитология; тил, адабият ж-а тарых ин-ттары; топурак изилдөө, география ж-а экономика бөлүмдөрү болгон. Бул ин-ттар м-н бөлүмдөрдө 500дөн ашык илимий кызматкер иштеп, алардын дээрлик 5-бөлүгү илимдердин доктору, кандидаты деген илимий даражанын ээси болгон. Илимий мекемелердин ж-а кадрлардын санынын көбөйүшү, о. эле экономиканы, маданиятты ж-а илимди андан ары өнүктүрүүгө мүмкүндүктөр Кыргыз ССРинин ИАсын уюштуруу ж-дөгү маселени коюуга түрткү болуп, анын салтанаттуу ачылышы болсо 1954-ж. 20-декабрда өткөн. 50-жылдардын 2-жарымында техника, а. ч., медицина профилдериндеги тармактык бир катар жаңы ил. из. мекемелери ачылган. Алардын түзүлүшү м-н энергетика, электр машина куруу, топурак изилдөө, а. ч. өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүү сорттorун түзүү жагындагы, о. эле калктын саламаттыгын сактоону жакшыртуунун илимий негиздери б-ча изилдөөлөр бир кыйла кеңейген.

1980-жылга карата Кыргызстанда ар түрдүү профилдеги илимий мекемелердин кеңири тармагы түзүлүп, аларда иштеген кызматкерлердин арасында илимдердин 200 чамалуу доктору, 2500дөн ашуун кандидаты болгон.

Аспиранттар ж-а илимий кызматкерлер
(жогорку окуу жайларынын мугалимдерин кошкондо)

Жылы	Аспиранттар	Илимий кызматкерлер	Анын ичинде	
			илимдердин докторлору	илимдердин кандидаттары
1940	27	343	13	45
1950	107	841	24	164
1960	279	2351	56	587
1970	721	5867	128	1572
1980	621	8194	198	2588

Алар маркстик-лениндик философиянын, коомдук ойдун тарыхынын, Улуу Окт. социалисттик рев-ясынан кийин Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн маселелерин иштеп чыгууга зор көңүл бурушкан. Табигый, техникалык ж-а коомдук илимдер б-ча маанилүү фундаменталдык ж-а колдонмо изилдөөлөр ишке ашырылып жатат. Геология, математика, биохимия, физиология, автоматика, тоо-кен машиналарын жасоо, мед. б-ча бир катар изилдөөлөрдүн натыйжалары СССРде ж-а чет өлкөлөрдө кеңири белгилүү. Коомдук илимдер жагынан респ-канын окумуштуулары кыргыз элинин капитализмди аттап социализмге өтүшүнүн, Кыргызстанда коомдук ойдун тарыхынын, соц. улуттардын, улуттук мамилелердин өнүгүшүнүн, совет элинин социалдык бир тектүүлүгүнүн, өнүккөн социализмдин экономикасын, анын социалдык проблемаларын ж-а коммунизмге өсүп өтүшүнүн маселелерин изилдеп үйрөнүп жатышат. КПСС БКнын «Идеологиялык, саясий-тарбиялык иштин мындан ары жакшыртуу жөнүндөгү» токтомуна ылайык коомдук илимдердин адистери күч-аракеттерин изилдениш жаткан проблемаларды актуалдаштырууга, иликтөөнүн сапатын жогорулатууга, эмгекчилердин дүйнөгө маркстик-лениндик көз карашын калыптандыруу милдеттери м-н изилдөөлөрдүн байланышын күчөтүүгө жумшап жатышат. Өнүккөн социализмдин артыкчылыктарын илимий-техникалык рев-яның жетишкендиктери м-н органикалык түрдө бириктирүү, илимди ж-а техниканы ылдам өнүктүрүү ж-дө КПССтин көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алышып, илимий мекемелер эл чарбасынын эң маанилүү тармактарында илимий-техникалык прогрессти камсыз кылган проблемаларды иштеп чыгып жатышат. Изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, аларды өндүрүшкө киргизүү б-ча чаралар ишке ашырылууда. Мис., тоо-кен о. жайынын, сугат системаларын ж-а өндүрүш процесстерин автоматташтыруу б-ча окумуштуулардын киргизген сунуштары олуттуу экон. натыйжа берип жатат. Респ-канын окумуштууларынын малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу, мал ыландарына каршы күрөшүү ж-а тоют базасын чыңдоо б-ча иштеп чыгуулары а. ч-сында пайдаланылууда. Чарбалык-келишимдин ж-а ишканалар, министерстволор, ведомстволор м-н биргелешип комплекстүү программаларды иштеп чыгуунун негизинде илимдин өндүрүш м-н байланышы күчөтүлүүдө. Бул иште өлкөнүн жетекчи илимий борборлорунун, союздук респ-калардын илимдер академияларынын тажрыйбалары улам кеңири колдонулууда.

Респ-канын жогорку окуу жайларында илимий изилдөөлөр ар түрдүү багыттар б-ча жүргүзүлөт. Алар өнүккөн социализмдин шарттарында соц. өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүү проблемаларын, СССР элдеринин тилдеринин ж-а көркөм маданиятынын өнүгүшүнүн закон ченемдерин иштеп чыгууга, Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын, аларды рационалдуу пайдалануунун жолдорун, катуу телонун физикасын, техникалык кибернетиканын маселелерин, о. эле имараттарды, автомобиль жолдорун о. жайлык, граждандык, а. ч-лык долбоорлоону ж-а куруунун өнүктүрүү проблемаларын үйрөнүүгө олуттуу салым кошууда. Респ-канын жогорку окуу жайлары көп ишканаларга, мекемелерге илимий-техникалык жардам берүүдө. Өлкөнүн илимий борборлорунун ж-а союздук респ-калардын окумуштуулары м-н кыргыз окумуштууларынын тыгыз байланыштары алардын азыркы учурдагы илимдин проблемаларын чечишине көмөк берип турат. СССР ИАнын белгилүү окумуштуулары илимди өнүктүрүүдө, изилдөөлөрдүн негизги багыттарын белгилөөдө, о. эле жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдап чыгарууда зор жардам көрсөтүп жатышат. О. Азия респ-каларынын, Казакстандын илимий мекемелери м-н бирдикте өндүрүч күчтөрдү ж-а рухий маданиятты өнүктүрүүнүн проблемалары иштелип чыгууда. Кыргыз ССР ИАнын эл аралык илимий байланыштары да кеңейип жатат. 70-жылдарда Фрунзе шаарында эл аралык илимий конф-ялар ж-а сессиялар өткөрүлө баштады. Сов. Кыргызстандын илимпиин өнүгүшү — соц. түзүлүштүн артыкчылыгынын ачык-айкын күбөсү. КПССтин лениндик улут саясатынын аркасында кыргыз эли тарыхый кыска мөөнөттө Кыргыз ССР ИА башында турган илимий мекемелердин кеңири тармагын түздү ж-а ата мекендик илимге өз салымын кошуп жатат.

А. Карыпбаев

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Совет бийлиги орногондон баштап Кыргызстанда илимдин жетишкендиктеринин негизинде кеңири өнүктүрүлгөн о.-ж. ж-а көп тармактуу соц. чарба түзүлдү. Масштабы б-ча мурда болуп көрбөгөндөй маданий рев-я ишке ашырылып, ал кыргыз элине бир муундун өмүрүндө сабатсыздыктан улуттук илимдер академиясын түзүүгө чейинки жолду басып өтүүгө мүмкүнчүлүк берди. Кыргызстан КП(б) БКнын ж-а респ-канын



СССР ИАнын Кыргыз филиалынын биринчи пред-ли К. И. Скрябин Кыргызстандын илимпоздорунун арасында. 1969.

ЭКСинин токтому м-н 1943-ж. Совет бийлигинин тушунда түзүлгөн илимий мекемелердин ж-а Фрунзеге эвакуацияланган Биология бөлүмүнүн базасында СССР ИАнын Кыргыз филиалы уюштурулган. Филиалдын коллективи согуш жылдарында ж-а андан кийинки мезгилде геология, химия, биология, география, тарых, археология, этнография, тил, адабият ж-а иск-во жагынан эл чарбасы үчүн маанилүү изилдөөлөрдү жүргүздү. Кыргызстан

Кыргыз ССР илимдер академиясын түзүү ж-дөгү токтом.



Кыргыз ССР илимдер Академиясын түзүү жөнүндө

Кыргызстан Коммунистикалык партиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун жана Министрлер Советинин токтому

КП БКнын ж-а респ-канын Министрлер Советинин сунушу б-ча 1954-ж. 17-августа СССР Министрлер Советинин СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ж-а респ-калык башка илимий мекемелердин базасында Кыргыз ССР ИАны уюштуруу ж-дө токтом кабыл алгандан тартып Кыргыз ССР ИА респ-канын жетекчи илимий борбору болуп калды. Анын составына 14 институт, Тянь-Шань физикалык география станциясы, Ботаника багы, Чыгыш таануу бөлүмү, бир нече туруктуу ж-а кочмо илимий станциялар кирген. 1983-ж. Академиянын 17 мекемесинде иштеген 3080 адамдын 1512си илимий кызматкер (а. и. 22 академик, 31 корр. мүчө, илимдердин 75 доктору ж-а 500дөн ашык кандидаты бар) болгон.

Геология институту М. М. Адышев атн. 1943-ж. негизделген. Институт негизги багыттары: геологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, респ-канын аймагындагы кен байлыктарды чалгындоого кеткен чыгымды азайтуу ж-а кендин так аныктылыгына жетишүү. Өнөр жай үчүн өздөштүрүүгө перспективалуу болгон сыман-сурьма кендерин прогноздоонун геологиялык илимий негизи иштелип чыкты; айрым рудалуу зоналар табылды; Тянь-Шандын чөкмө формацияларында түстүү металлдардын (коргошун, жез, сыман, күмүш ж-а алар м-н бирге кездешүүчү элементтер) жогорку концентрацияларынын пайда болушунун эң негизги закон ченемдери аныкталды; көмүр кен байлыктарынын геологиясы изилденди; жер астындагы суулардын пайда болушу м-н таралышынын региондук закон ченемдинин теориялык негизи ж-а ресурстары аныкталып, аларды пайдалануунун негизги проблемалары чечилди; Чүй, Талас өрөөндөрүнүн ж-а Ош облынын сугат зоналарын гидрогеологиялык-мелиорациялык райондоштуруу карталары түзүлдү. Жер астындагы суулардын бургулап чыгарууга перспективалуу участкалар белгиленди. Катмар түзүндө жайгашкан түстүү металл кендеринин мисалында чөкмө рудалардын пайда болуу теориясы иштелип чыгууда. Чөкмө тоо тектердин литологиялык-геохимиялык озгочолуктөрү изилденди. Ош обл-нын түн.-чыгыш бөлүгүнүн нефть-газдуу тоо тектери изилденүүдө: нефть-газ топтолгон тоо тектердин физикалык касиеттери аныкталды, тоо тектердин козоноочолуулугунун ж-а суу өткөргүчтүгүнүн ж. б. карталары түзүлдү. Чүй өрөөнүндөгү кызылча талааларынын микроклиматын анализдөө б-ча иштер алктады. Алай өрөөнүнүн ж-а Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүнүн ландшафттары изилденди. Кыргыз ССРинин комплекстүү атласы үчүн түрдүү карталардын макеттери түзүлдү. Сыман, калай, сурьма, сейрек элементтер кендеринин геологиясы ж-а география, гидрогеология, инженердик геология б-ча изилдөөлөрдүн натыйжалары жаңы кендерди ачууда, инженердик изилдөөлөрдүн долбоорун түзүүдө, гидротехникалык, о. ж. объектилерин курууда, жер астындагы суулардын ж. б. чарбалык жактан өздөштүрүү плandарын иштеп чыгууда пайдаланылууда. Илимди өнүктүрүүдөгү ийгиликтери ж-а жогорку квалификациялуу адистерди даярдагандыгы үчүн ин-т 1969-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Автоматика институту 1960-ж. негизделген. Институт негизги багыттары: ирригациялык системаларды автоматташтыруунун ж-а телемеханикалаштыруунун актуалдуу проблемалары; өндүрүштүк процесстерди автоматташтыруу, атайын прибор жасоо ж-а тоо-кен машиналарын куруу. Ирригациялык объектилер үчүн суунун чыгымдалышын каскаддык жөнгө салуунун жогорку натыйжалуу системаларын сунуш кылган; технологиялык параметрлерди, анын ичинде электр энергиясы м-н жабдылбаган объектилердеги параметрлерди өтө так чөпөөнү камсыз кылган көп каналдуу төлө-өлчөгүч системаларды куруунун принциптери иштелип чыккан; Ат-Башы магистралдык каналында борборлоштурулган контролдоо ж-а башкаруу каражаттарынын комплексин-

нен турган суу болүүнү оперативдүү башкаруунун автоматташтырылган системасы ишке киргизилген; Канттагы цемент-шифер комбинатында, республиканын ж. б. ишканаларында өндүрүштү автоматтык башкаруу системасы иштей баштады. Сурьма, коргошун, сымапты сапаттык анализдөө үчүн жаңы автоматтык жабдуулар ж-а системалар, нефти үчүн ным ченегичтер ж-а бир катар башка приборлор түзүлгөн. Электр-гидро кыймылга келтиргичтүү жогорку өндүрүмдүү жаңы универсал бургулоочу машиналарды түзүүнүн теориялык негиздери иштелип чыгууда. Тоо-кен иштерин жүргүзүүдө респ-канын илимпоздорунун теориялык изилдөөлөрүнүн базасында эмгекти өтө көп талап кылган операцияларды механикалаштыруу үчүн машиналардын комплекстери түзүлгөн.

Физика жана математика институту Кыргыз ССР ИАнын Президиумунун алдындагы Кыргыз ССР ИАнын физика ж-а математика бөлүмүнүн (1955) базасында 1960-ж. негизделген. Иштин негизги багыттары: физика тармагында — кристалл-физика, анализдөөнүн физикалык методдору, радиофизика; таза ж-а колдонулуу



СССР ИАнын президенти акад. М. В. Келдыш Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунда. 1969.

кристаллдар алынып, алардын оптика-механикалык, структуралык ж-а физикалык касиеттери изилденген; эритүүчү плазматрондун математикалык модели түзүлгөн, пайдалуу аракет коэффициенти жогору болгон кош агымдуу плазматрон иштелип чыккан. Табигый радиоактивдүү изотоптордун бир катар тең салмаксыз системалары изилденген, иондоштурулган альфа-спектрометрлер түзүлгөн; сейсмдик кубулуштарды прогноздоонун мүмкүндүктөрүн изилдөө максатында Түн. Кыргызстандын аймагында жер катмарынын терең жаракаларындагы суулардын радиологиялык (изотоптук) параметрлеринин вариациялары анализденүүдө. Радиотолкундардын дифракциясы м-н байланышкан бир катар маселелер чечилген. Тоолуу ж-а суулуу трассаларда ультракыска толкундардын таралышынын туруктуулугун ж-а алардын келишиминин статикалык мүнөздөмөлөрү алынган, радиометеордук методдордун жардамы м-н атмосферанын жогорку ж-а томонку катмарларынын байланыштары изилденүүдө. Дифференциал ж-а интегро-дифференциал теңдемелер жагында изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Респ-канын кант кызылчасынын өндүрүлүшүнүн мисалында өндүрүштү болчоктүү-сызыктуу параметрлик программалоонун ж-а аны жайгаштыруу милдеттерин чечүүнүн методдору изилденүүдө. Механика тармагында иштин негизги багыттары: аэродинамика, серпилгичтик теориясы, бышыктык теориясы ж-а ийилгичтик теориясы.

Тоо тектердин физикасы жана механикасы институту Кыргыз ССР ИАга караштуу тоо-кен иштери болүмүнүн базасында 1960-ж. негизделген. Иштин негизги багыттары: тоо тектердин талкаланышынын физикалык негиздерин ачып көрсөтүүгө байланышкан тоо тектер механикасынын проблемаларын, технологиялык процесстерин ж-а жаңы техниканы түзүүнү, о. эле кен байлыкты казып алуунун технологиясын изилдеп үйрөнүү; тоо массивдеринин абалына анализ берүү, тоо тектердин механикалык, физикалык ж-а технологиялык касиеттерин изилдөө. Респ-када гидротехникалык курулуштун коломүнүн оскондүгүнө байланыштуу ири жарылуулардын физикасы ж-а механикасы б-ча иштер уюштурулууда. Кыргызстандын ж-а О. Азиянын башка респ-каларынын тоо-кен о. ж-нын мындан арыкы өнүгүшү кендердин казып алынуусун көбөйтүүгө байланыштуу, мунун өзү кендерди жер астында иштетүүнүн натыйжалуу технологиясы б-ча изилдөөлөрдү коцейтүүгө шарт түзгөн. Гидротехникалык объектилерди ж-а автомобиль жолдорун курууда, аны пайдалануюда тоо тектердин массивдерине баа берүү ж-а алардын туруктуулугун камсыз кылуу проблемалары б-ча изилдөөлөр респ-канын эл чарбасы үчүн өтө маанилүү. Ин-ттун иштери респ-канын тоо-кен ж-а көмүр о. ж-ныи практикалык талаптары м-н тыгыз байланыштуу, алардын натыйжалары ири гидротехникалык курулмаларды ж-а автомобиль жолдорун долбоорлоодо, курууда ж-а ишке киргизүүдө пайдаланылат.

Сейсмология институту Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун сейсмология бөлүмүнүн базасында 1975-ж. негизделген. Иштеринин негизги багыттары: респ-канын аймагынын сейсмдүүлүгүн изилдөө; Кыргызстандын аймагын, өлдүү ири пункттарды, гидротехникалык ж-а о. ж. объектилери курулуучу жерлерди сейсмдик жактан райондоштуруу ж-а микрорайондоштируу; жер титиреөнүн белгилерин билүү ж-а сейсмдик райондоштыруунун ыкмаларын оркүндөтүү максатында жер кыртышынын озгөрүшүнө, сейсмдүүлүккө байкоо жүргүзүү. Кыргызстандын аймагын сейсмологиялык жактан изилдөө респ-канын бир катар райондорунун сейсмдик коркунучтуулук даражасын аныктооту, Фрунзе, Токмок, Рыбачье ж-а Ошту микросейсмдик картага түшүрүүгө мүмкүндүк берди. Соцку тектоника ж-а сейсмтектоника изилденди, Фергана, Талас, Чүй ороондорундогу суу сактагычтар курула турган жерлерди сейсмдик жактан райондоштуруу жүргүзүлдү.

Тянь-Шань физикалык география станциясы 1947-ж. 18-февралда СССР ИАнын География ин-ту «Түндүк Кыргызстан экспедициясынын» базасында уюштурган. Жети-Өгүз р-нунун Покровка кыштагында. Ысык-Көлдүн бардык табигый зоналарынын (көл жээгинен Тянь-Шандын бийик тоолуу моцгүлорүнө чейин) физикалык географиясы комплекстүү изилденүүдө. Тянь-Шандын бийик тоолуу өрөөн моцгүлорүнүн температуралык режими, эрүү шарты ж-а кыймылы изилденди; Тескей Ала-Тоонун сууларынын агымынын пайда болуу шартын, Ысык-Көлдүн децгээлинин өзгөрүшүн, тоолордогу жаан-чачындын түшүшүн мүнөздөгөн материалдар алынды. Селдин, таш кулоонун, жер көчкүнүн пайда болушун ж-а Ысык-Көлдүн жээк сызыгынын өзгөрүшүн изилдөөнүн практикалык чоң мааниси бар. Станция тарабынан Ысык-Көлдүн сырттарынын топурагына мүнөздөмө берилди, бийик тоолордогу үйөлөнүүнүн биологиялык мүнөзү далилденди, карагайлуу токойдун өсүү шарттары, Ысык-Көлдүн жээгинин рельефи ж-а суу балансы изилденүүдө. Эл аралык атайын программага ылайык көп жылдардан бери моцгүлордүн өзгөрүүлөрүнө байкоо жүргүзүлүүдө.

Органикалык эмес жаңа физикалык химия институту Химия ин-тунун базасында 1960-ж. негизделген. Иштеги негизги багыттар: жаңы бирикмелерди синтездөө ж-а азыркы кездеги техника үчүн жаңы материалдарды түзүү максатында аларды ар тараптан изилдеп үйрөнүү; түстүү, сейрек металлдардын ж-а алар м-н кошо чыккан элементтердин химиялык технологиясын оркүндөтүү; Кыргызстандын минерал сырьёсун, табигый туздарын ж-а чополорун комплекстүү кайра иштетүүнүн теориялык негиздери ж-а технологиясы. Сульфаттар, нитраттар ж-а ар түрдүү металлдардын башка




Кыргыз ССР ИАнын Органикалык эмес жаңа физикалык химия ин-тунун илимий советинин заседаниеси. 1980.

туздарынын мочевина м-н жаңы бирикмелери синтезделген ж-а классификацияланган, алардын касиеттери ж-а түзүлүшү изилденген; респ-канын бир катар ири туз кендеринин химиялык составы аныкталган, физика-химиялык мүнөздомолор түзүлүп, генезиси айкындалып ж-а түздуу тектерди комплекстүү иштетүүнүн рационалдуу схемалары көрсөтүлгөн; көптөгөн глауберит катмарларынын пайда болушунун физика-химиялык шарттарына мүнөздөмө берилген, глауберитти ылгоонун ж-а патрий сульфатына ж-а гипске кайра иштетүүнүн жолдору иштелип чыккан; Кыргызстандын ар түрдүү туздарын изилдөө маалыматтары жыйынтыкталган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде ин-ттун супушу б-ча жогорку физиологиялык активдүүлүккө ээ, малдын эт, сүт ж-а жүн продукттуулугун жогорулатууга комок көрсөтүүчү микроэлементтер бар тоют тузун казып чыгаруу уюштурулган; цемент чыгарууда минерал кошумчаларды (Жел-Арык тектерин) колдонуу жолу өндүрүштүк сыноодон өткөн ж-а өндүрүшкө киргизилген. Ноокат кенинин чополору скважиналарды бургулоодо бир кыйла экономикалык натыйжа м-н пайдаланыла баштады. Канттагы цемент-шифер комбинатында асбестоцементтүү шифердин калыбын жакшыртуу ж-а компоненттеринин фильтрациясын тездетүү үчүн полимердик К-4 препараты колдонулуп жатат. Жеңил салмактуу бетонду жасоо үчүн зарыл болгон керамзит чыгаруучу завод курулган. Сейрек элементтердин рудаларын иштетүү технологиясы, комплекстүү бирикмелердин химиясы, металлдардын электроэрозиясы изилденүүдө; металлургия сырьёлорун кайра иштетүүнүн ж-а иштеп жаткан металлургия ишканаларында процесстерди тездетүү жолдору, сурьманын кычкыл ж-а сульфид рудаларын кайра иштетүү, крудумду (техникалык сурьманын үч сульфидин) алуу, техникалык сурьманы, өтө таза сурьманын үч кычкылын рафинденттирүү жолдорун иштеп чыгуу б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн: эки ж-а төрт валенттүү элементтердин пирофосфаттарынын негизинде өтө кычкылдуу органикалык эмес жаңы ион алмаштыргычтар синтезделген.

Органикалык химия институту Химия ин-тунун базасында 1960-ж. негизделген. Иштеги негизги багыттары: углеводдорду ж-а целлюлозаны изилдөө; углеводороддордун кычкылдануудан өзгөрүшү, респ-канын жергиликтүү сырьёсун ө. ж-га пайдалануу жолдорун ж-а формаларын иштеп чыгуу; медицинага ж-а эл чарбасынын ар түрдүү тармактарына зарыл физиологиялык активдүү препараттарды изден табуу. Физиологиялык активдүү ж-а ион алмаштыргыч баалуу заттар алынган; молекулалык бир тектүү ж-а туруктуулугу жогору целлюлозаны алуунун илимий негиздери иштелип чыккан, илээшкектиктин молекулалык бир тектүүлүккө көз каранды экендиги аныкталган; баалуу касиеттердин комплексине ээ жаңы бирикмелер (иониттер, амфолиттер, сорбенттер, физиологиялык активдүү заттар синтезделген; аз негиздүү агликондору бар гликозиддерди синтездөө методдору иштелип чыккан, көмүр кендеринин химиялык ж-а петрографиялык составы изилденген; формальдегиддин альдолдук реакцияларынын механизми изилден үйрөнүүнүн натыйжасында катализаторлор табылган ж-а конденсациянын продуктуларынын составын жогго салууга мүмкүндүк берүүчү шарттар аныкталып, формальдегидден глицерин ж. б. көп атомдуу спирттерди алуу мүмкүндүгү ачылган; жогорку натыйжалуу, таасири кенири диапазондогу антигельминттик КММН препараты синтезделген; бир катар өлкөлөрдө патент берилген эки хлордуу жездин үч дифенилгуанининин комплекстүү тузу алынган. Пектиндердин химиялык гетерогендүүлүгү ж-догу жаңы маалыматтар топтолгон; химиялык ж-а физиологиялык баалуу касиеттерге ээ болгон биополимерлерди синтездөө методдору иштелип чыккан; СССРде биринчи жолу Д-галактурон, пирролидонкарбон кислоталарын чыгарууну уюштуруу эрежелери иштелип чыккан. Кыргыз ССР айыл чарба министерствосунун ишканалары м-н бирдикте суюк ж-а гранулданган жогорку натыйжалуу биостимуляторлорду кенири сыноо жүргүзүлүп жатат; крост гемостимулятор препараты түзүлгөн; углеводдорду (инулинди, Д-фруктозаны, маннанды) алуу технологиясы иштелип чыккан ж-а СССРде биринчи жолу аларды жерг. сырьёдон өндүрүү жолго коюлган; глутамин кислотасынан алынган заттарды — патрий глутаминатын алуунун илимий негиздери ж-а татаал системаларды изилдөөнүн, о. эле тетрод ж-а гексод тибиндеги физика-химиялык диаграммаларды түзүүнүн жаңы принциптери белгиленген; стероиддик гормондорду алуу үчүн сырьёнун перспективалуу булактары табылган; мед. практикада колдонулуп жаткан ликорин препараты алынган.

Биология институту 1964-ж. негизделген. Иштеги негизги багыттары: респ-канын осумдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн рационалдуу пайдалануу, өздөштүрүү, реконструкциялоо ж-а коргоо, а. ч. зыянкечтерине каршы күрөштүн методдорун иштеп чыгуу. Ботаника б-ча табигый тоо чабындыларынын ж-а жайыттарынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун методдору иштелип чыгууда, бийик тоо арасында чөп себүү ж-а сырттарда чөп чабыктарды уюштуруу б-ча сунуштар берилип жатат. Тоо беттерин тектирлөө ж-а чөп чабык үчүн тектирлерге чөп остүрүү б-ча тажрыйбалар жүргүзүлүүдө. Респканын райондук ж-а обл. геоботаникалык карталары, мунун ичинде Кыргызстандын осумдүктөрүнүн мамлекеттик картасы түзүлгөн. Флораны биохимиялык инвентаризациялоо б-ча респ-када табигый тоюттардын аминокислоталарын ж. б. биохимиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо б-ча иштер жүргүзүлүүдө. Зоология б-ча жаныбарлардын ар кандай түрлөрүн климатташтыруунун мүмкүнчүлүгүн үйрөнүү максатында респ-када көп

Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун эмгектери.



жерлердин ачылышка жаракгуулугу изилденген; канаттуулардын миграциясынын өзгочөлүктөрүн үйрөнүү алдыда турат; үй жаныбарларынын сайгак, илааларына каршы күрөшүү б-ча сунуштар иштелип чыккан ж-а практикада колдонулуп жатат; бакма канаттуулардын эктопаразиттерине каршы күрөшүү чаралары сунуш кылынган. Гельминтология б-ча койлорду дарылоо ж-а алардын ыландарына каршы күрөшүү, профилактикалык чараларды уюштуруу б-ча сунуштар иштелип чыгууда. Токой бөлүмүндө «Себилмелерди жана арчаларды өстүрүү боюнча убактылуу колдонмо» түзүлгөн (1966) ж-а практикада пайдаланып жатат. О. Азил респ-каларынын токой түзүүчү негизги өсүмдүктөрүнүн бири — арчаны өстүрүү методдору иштелип чыккан; ө. ж-лык жаңгакчылыкты өнүктүрүүнүн, грек жаңгагын ж-а мистени вегетативдик жакшыртуунун илимий негиздери түзүлгөн.

Ботаника багы 1938-ж. негизделген. Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1964-ж. 14-августагы токтому м-н ИАнын Ботаника багына ил. из. ин-тунун укуктары берилген. Ботаника багынын жалпы аянты 148 *га*, коллекциясында 5500 өсүмдүк, 6 миңден ашуун гибриддик формадагы жемиш өсүмдүктөрү бар. Иштеги негизги багыттар: өсүмдүктөрдү интродукциялоо, климатташтыруу ж-а алардын селекциясын, о. эле биологиясын үйрөнүү ж-а Кыргызстандын климаттык шарттарында өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн методдорун иштеп чыгуу. Респ-канын ар түрдүү райондорун жашылдандыруу үчүн ийне жалбырактуулардын 35 түрү тандалып алынган, ийне жалбырактууларды вегетативдик жол м-н көбөйтүүнүн ылдамдатылган ыкмалары иштелип чыккан ж-а кеңири сыналууда; гүлдөрдү сорттор арасында гибриддештирүү изилденип жатат, жерг. шарттарга жакшы ыңгайланган гладиолустардын, флокстордун ж-а георгиндердин жогорку сапаттуу формалары; мөмө даректардын жаңы сорттору (алманын 150 суперэлиттик формасы, кара өрүктүн 100 формасы, шабдалынын 50 формасы) чыгарылган. Жерг. шартта мөмө даректардын сорт арасында, тегин алыс сортторду кыйыштыруу үчүн компоненттерди тандап алуунун негиздери, о. эле өсүү процесстерине таасир этүү м-н алардын мөмө байлашын башкаруу принциптери иштелип чыккан; жерг. шарттарда даректардын кургакчылыкка ж-а кыштын суугуна чыдамдуу формаларын тандап алуу үчүн физиологиялык диагноздоо методдору аныкталган. Дары өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн методикасы иштелип чыккан. Фрунзеде ландшафттык архитектуранын азыркы кездеги талаптарына ылайык көркөмдүрүүчү жыгач-бадалдарды, гүлдөрдүн ассортиментин тандоо б-ча сунуштар иштелип чыгууда. СССРдин ж-а бир катар чет мамлекеттердин ботаника бактары ж-а ил. из. мекемелери м-н туруктуу байланыш түзүлгөн ж-а дарак, гүл, дары ж. б. өсүмдүктөрдүн уруктарын алмашуу жүргүзүлүүдө.

Биохимия жана физиология институту малдардын биохимиясы лабораториясынын базасында 1964-ж. негизделген. Иштеги негизги багыттары: малдын продуктуулугун жогорулатуу ж-а а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн көбөйтүү методдорун изилдөө, о. эле малдын жугуштуу ыландарына каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгуу. Сүт бездеринин зат алмашуусунда гормондордун ж-а нерв системасынын медиаторлорунун ролу аныкталган, уйдун желининдеги сүт бездеринин клеткаларынын ядролорунда, митохондрияларында, микросомдорунда ж-а рибосомдорунда белоктун биосинтези ишке ашырылган, сүт без тканынын клеткаларындагы органеллалардын белок синтездөөсүн жөнгө салууда кээ бир гормондордун ж-а медиаторлордун аракеттери изилденген, системадагы энергетикалык процесстердин агымынын интенсивдүүлүгү м-н гормондордун таасиринин багытынын ортосундагы байланыш аныкталган; зат алмашууда ж-а а. ч. малдарынын продуктуулугун жогорулатууда микроэлементтердин ролу изилденип жатат, тоюттардын аш болумдуулугу, химиялык составы, көп жылдык чөп себилген аянттарды пайдалануунун рационалдуу методдору изилденүүдө, респ-канын айрым райондорунун жайыттарындагы ж-а чабындыларындагы тоют өсүмдүктөрүнүн химиялык составын ж-а аш болумдуулугун мүнөздөгөн көп сандаган материал чогултулган; тоют өсүмдүктөрүнүн калориялуулугу, аларды кышка сактоонун жолдору үйрөнүлүп жатат; буурчак-дан чөп аралашмаларын ж-а бедени айдоонун ж-а пайдалануунун рационалдуу методдору иштелип чыгууда, Чүй өрөөнүнүн сугат жерлеринде маданий жайыттарды түзүү б-ча сунуштар түзүлгөн ж-а практикада колдонулуп жатат; селекциянын генетикалык негиздеринин ж-а даакы жүн пайда болуу теориясынын айрым аспектилери иштелип чыккан. Мунун өзү кыргыздын уяң жүндүү койлорунун тукумун жакшыртууга, австралиялык меринос м-н аргындаштырууга мүмкүндүк түзгөн. Жугуштуу ыландарга атайын профилактикалык каражаттар иштелип жатат. Малдын ылаңынын табигый очокторун изилдеп үйрөнүү жагында жаңы маалыматтар алынган, тетрациклин катарындагы антибиотиктердин жардамы м-н койлордун некробактериозун профилактикалоо ж-а дарылоо методдору иштелип чыккан ж-а киргизилген. Мунун өзү койлордун өлүмүн бир кыйла азайтууга комек көрсөттү. Кант кызылчасынын фотосинтези ж-а кант топтоо өзгочөлүктөрү изилденген ж-а аны казып алуунун оптималдуу мөөнөттөрү белгиленген, бийик тоолуу шарттарда өсүмдүктөрдүн физиологиясы изилденген.

А. ч. өндүрүшү үчүн чоң мааниге ээ болгон бир катар практикалык милдеттерди чечкендиги, биохимия ж-а физиология б-ча изилдөөлөрдү өнүктүргөндүгү ж-а жогорку квалификациялуу кадрларды даярдагандыгы үчүн ин-т 1967-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Бийик тоо физиология жана эксперименталдык патология институту 1954-ж. негизделген. Иштеги негизги багыттары: адамдын соо ж-а оорулуу организмине бийик тоонун таасирин аныктоо; Кыргызстанда өскөн өсүмдүктөрдөн жаңы дары-дармектерди алуу; фармакологиялык заттарды бир түрдүү кабыл алуунун климатташтыруу м-н айкалыштырып, организмдин бийиктикке чыдамдуулугун жогорулатуу мүмкүндүгү тажрыйбада негизделген; бийик тоолуу шарттарда гипертониянын фармакотерапиясынын өзгочөлүктөрү ачылган; миокарддын инфарктынын ж-а атеросклероздун өөрчүшүнө ж-а өтүшүнө бийик тоонун тийгизген таасири изилденүүдө, бийик тоо арасында жашаган жерг. адамдарда кандын дем алуу функциясынын ыңгайлануу реакциялары аныкталган; тоолуу шарттарда соо организмдин функциялык өзгочөлүктөрү, адаптация ж-а климатташуу механизми изилденүүдө. Фармакологдор 2000деп ашуун тоо өсүмдүктөрдөн химиялык таза бирикмелерди бөлүп алган; тоодо дарылардын таасирининн өзгочөлүктөрү изилденүүдө (бийик тоолуу фармакология), организмдин бийик тоого адаптация шарттарында 30дан ашуун препарат изилденген.

Экономика институту 1956-ж. негизделген. Өндүрүч күчтөрдү өнүктүрүү, жайгаштыруу, коомдук өндүрүштүн капиталдык салымынын, негизги фондунун ж-а жаңы техниканын натыйжалуулугун жогорулатуу, эмгек ресурстарын, чарб. эсептин ж-а материалдык кызыктыруунуу туура пайдалануу, адистештирүүнү тереңдетүүнү, агроөнөр жай интеграциясын, орток чарбалардын кооперациясын өнүктүрүү проблемалары изилденет. Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн ж-а жайгаштыруунун ин-тта түзүлгөн эң башкы схемасын 1966—70, 1971—75, 1976—80, 1981—85-жылдарда эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык пландарын түзүүдө респ-канын мамл. пландоо комитети пайдаланган. Негизги илимий багыттары — табигый ресурстарды пайдалануну прогноздоо, аймакташ-өндүрүш комплекстерин уюштурууну негиздөө, кеңири кайталанма өндүрүштүн пропорциялаштыгын өркүндөтүүдө ж-а натыйжалуулугун жогорулатууда регион өзгочөлүктөрүн иштеп чыгуу, респ-канын эмгек ресурстарын туура пайдалануу, капталдык салым м-н илимий-техникалык прогресстин натыйжалуулугун арттыруу, а. ч. өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуудагы социалдык-экономикалык проблемалар изилденет.

Тил жана адабият институту 1954-ж. негизделген. 1936-жылдан Кыргыз тили м-н жазуусунун ил. из. ин-ту, 1943—54-ж. Тил, адабият ж-а тарых ин-ту. Институтта кыргыз тили м-н адабиятынын калыптануу ж-а



«Манас» эпосунун кыскартылган кошмо вариантын Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда талкуулоо. 1956.

өнүгүү тарыхы, СССРдеги боордош элдердин тилдери ж-а адабияттары м-н өз ара байланышы иликтенип, кыргыз тили тарыхый ж-а салыштырма-тарыхый планда изилденип, диалектология м-н лексикология маселелери, элдин оозеки поэтикалык чыгармачылыгы, «Манас» эпосу терең үйрөнүлүп, лексикографиялык иш жүргүзүлүү менен бирге фольклордук чыгармалар илимий жактан даярдалып жарыяланууда. Жогорку окуу жайлары үчүн кыргыз тили б-ча окуу китептери түзүлгөн. Кыргыз адабий тилинин калыптануу, өнүгүүсүнүн айрым маселелери изилденип, респ-канын аймагындагы ж-а анын чегинен тышкары жерлердеги кыргыз говорлору иликтенүүдө. Кыргыз совет адабиятынын жанрларынын калыптануу ж-а өнүгүү маселелери, салт м-н жаңычылык проблемалары изилденип жатат. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы», «Кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» жарыкка чыгып, кыргыз фольклорунун көптөгөн үлгүлөрү жарыяланган. «Манас» эпосунун кыскартылган кошмо варианты басылып чыккан. Ин-ттун изилдөөлөрүндө кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүн ж-а кыргыз совет адабиятында реализмдин калыптанусунун закон ченемдерин изилдөө, кыргыз совет адабиятынын негиз салуучуларынын бири Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгын изилдөө, сөздүк түзүү маанилүү орунду ээлейт. Байыркы түрк жазма эстеликтеринин тилин изилдөө б-ча иштер жүргүзүлүүдө; респ-канын аймагынан табылган эпиграфикалык жазууларды чечмелеп жарыялоо да ишке ашырылууда. Тилдин фонетикалык системасын эксперименттик изилдөө башталды.

Тарых институту 1954-ж. негизделген. Кыргызстандын ж-а Кыргызстандын байыркы замандан биздин күнгө чейинки тарыхын изилдейт. Негизги изилдөөлөр Улуу Октябрь рев-ясынын ж-а граждандык согуштун, соц. ж-а коммунисттик курулуштун тарыхы, коомдун өнүгүшүнүн закон ченемдери ж-а Кыргызстанда социалдык-экон. формациялардын алмашуусу б-ча жүргүзүлөт. Илим ж-а техника б-ча респ-канын Мамл. сыйлыгы м-н сыйланган «Кыргыз ССРинин тарыхы» деген эки томдук респ-канын окумуштуу тарыхчыларынын ишинин маанилүү жыйынтыгы болду. Советтик доордогу Кыргызстандын тарыхынын проблемаларына: Улуу Октябрь рев-ясына, респ-када өнөр жайдын өнүгүшүнө, агрардык кайра түзүүгө ж-а маданий курулуштун тарыхына байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Кыргыз элинин илими м-н маданиятынын тарыхы, улуттук интеллигенциянын калыптануу процесси жагында, социализмди ж-а коммунизмди куруу мезгилинде Кыргызстандын калкынын таптык структурасынын өзгөрүү, респ-канын өнөр жайында эмгектин соц. ж-а коммунисттик формаларынын өнүгүү проблемасы, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы Кыргызстандын тарыхы б-ча маанилүү изилдөө иштери жүргүзүлүп жатат. Институтта 10-к-дан 20-к-дын башына чейинки Кыргызстандын коомдук экон. түзүлүшү, этностук ж-а саясий тарыхы, патриархалдык-феодалдык ж-а агрардык мамилелердин тарыхы, кыргыз элинин улуттук-боштондук ж-а таптык күрөшү, Кыргызстанда рев-ялык ыймылдын өнүгүшү изилденүүдө. Археологдор ж-а этнографтар эң байыркы замандан орто кылымга чейинки Кыргызстан-

Кыргыз ССР ИАнын 25 жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниенин ачылышы. 1950.



СССР ИАнын ж-а Бүткүл союздук тармактык академияларды Кыргызстандагы аныкмүчөлөрү ж-а корр. мүчөлөрү

Фамилиясы, аты, атасынын аты	Туулган же жашаган жылдары	Академия	Кайсы жылдан корр. мүчө	Кайсы жылдан аныкмүчө
Артамонов Константин Филиппович	1910	ВАСХНИЛ	—	1972
Ахунбаев Иса Коноевич	1908—75	СССР МИА	1948	—
Балтабаев Мукаш Руставлетович	1921	СССР ПИА	1968	—
Измайлов Азиз Эминович	1913	СССР ПИА	—	1967
Иманалиев Мырзабек Иманалиевич	1931	СССР ИА	1981	—
Каракеев Курман-Гали Каракеевич	1913	СССР ИА	1968	—
Лущихин Михаил Николаевич	1905—78	ВАСХНИЛ	1956	—
Мамытов Аман Мамытович	1927	ВАСХНИЛ	1972	1978
Миррахимов Мирсаид Мирхамидович	1927	СССР МИА	1969	—

Кыргыз ССР ИАнын аныкмүчөлөрү

Фамилиясы, аты, атасынын аты	Туулган же жашаган жылдары	Кайсы илимдин тармагы б-ча	Кайсы жылдан корр. мүчө	Кайсы жылдан аныкмүчө
Авершин Степан Гаврилович	1901—72	тоо ишн	—	1961
Адышев Муса Мирзапаязович	1915—79	сейрек металлдардын геологиясы ж-а геохимиясы	1954	1961
Айтматов Чыңгыз Төрөкулович	1928	кыргыз адабияты	—	1974
Алимов Олег Дмитриевич	1923	механика ж-а тоо машина куруу	1965	1974
Алтымышбаев Асылбек Алтымышбаевич	1912	философия	—	1954
Алышбаев Жумагул Алышбаевич	1922—69	экономика	—	1954
Ахунбаев Иса Коноевич	1908—75	хирургия	—	1954
Батманов Игорь Алексеевич	1906—69	филология	—	1954
Волкова Анна Александровна	1902—82	ветеринариялык микробиология ж-а эпизоотология	—	1954
Выходцев Иван Васильевич	1893—1971	геоботаника	—	1965
Деменев Николай Васильевич	1902	металлургия химиясы	—	1961
Жамгырчинов Бегимаалы Жамгырчинович	1914—82	Кыргызстан тарыхы	—	1954
Дружинин Иван Георгиевич	1904	жалпы ж-а органикалык эмес химия	—	1954
Захарьев Николай Ильич	1902—80	зоотехния	—	1954
Иванов Владимир Иванович	1904	органикалык химия	—	1960
Ильясов Сатар Ильясович	1908	тарых	1960	1969
Измайлов Азиз Эминович	1913	педагогика	1961	1969
Иманалиев Мырзабек Иманалиевич	1931	математика	1969	1979
Каракеев Курман-Гали Каракеевич	1913	КПСС тарыхы	—	1960
Леонов Михаил Яковлевич	1912	механика	—	1961
Лущихин Михаил Николаевич	1905—78	зоотехния	1954	1969
Маковский Эдуард Эдуардович	1930	автоматика	1977	1979
Мамытов Аман Мамытович	1927	топурак таануу	1954	1961
Миррахимов Мирсаид Мирхамидович	1927	клиникалык физиология	—	1974
Неболюбов Юрий Евгеньевич	1915—73	автоматика	1961	1969
Орузбаева Бубүйна Өмүрзаковна	1924	кыргыз тил илими	1974	1979
Оторбаев Кайып Оторбаевич	1922	экономикалык география	1961	1979
Попов Василий Михайлович	1901	геология	—	1960
Попов Сергей Македонович	1905—80	механика	—	1960
Розова Евдокия Александровна	1899—1971	сейсмология	—	1954
Рыскулова Какиш Рыскуловна	1918	хирургия	1954	1969
Рязин Пётр Александрович	1906	физика	—	1960
Скрябин Константин Иванович	1878—1972	гельминтология, жалпы ветеринария	ардактуу академик,	
Сыдыкбеков Түгөлбай	1912	кыргыз адабияты	—	1954
Токомбаев Аалы	1904	кыргыз адабияты	—	1954
Шумиловский Николай Николаевич	1897—1975	автоматика	—	1960
Юдахин Константин Кузьмич	1890—1975	филология (тюркология)	—	1954
Юнусалиев Болот Мураталиевич	1913—70	кыргыз тил илими	—	1954
Яковлев Владимир Георгиевич	1915	жаныбарлар биохимиясы	1954	1974

дын өткөн замандагы эстеликтерин, о. эле архитектуралык эстеликтерди, элдин корком кол өнөрүн ж-а материалдык маданиятын изилдеп жатышат.

Философия жана укук институту 1964-ж. философия ж-а укук бөлүмүнүн (1959—64) базасында негизделген. Диалектикалык ж-а тарыхый материализм, философия тарыхы, маркстик-лениндик эстетика, мамлекет ж-а укук, искусство таануу илиминин ж-а нравалык маселелердин кеңири чойросу б-ча пландуу түрдө изи жүргүзүлүп келет. Диалектикалык материализм жагында ойлоонун психологиясынын философиялык кээ бир маселелерин иштеп чыгууга өзгөчө орун берилип, мамилелешүүнүн логикалык, эмоциялык факторлору, коммуникациялардын ж-а информациянын көп түрдүү формалары изилденип, мамилелешүү процессинде психологиялык, биологиялык факторлордун өз ара байланыштарына талдоо жасалууда. Тарыхый материализм жагында улуттук ж-а интернационалдыктын диалектикалык өз ара байланыштарынын проблемалары, өнүккөн социализм мезгилиндеги адамдардын социалдык психологиясынын белгилери соц. турмуш образынын, соц. улуттардын ж-а калктардын жаңы тарыхый жалпылыгынын — совет элинин калыптанын өнүгүү маселелери изилденип үйрөнүлүүдө. Эстетика ж-а нрава жагында психологиянын, нраванын ж-а эстетикалык тарбия берүүнүн кээ бир маселелерине тийиштүү көңүл бөлүнүп, көркөм образдын табиятында психологиялык ж-а социалдык биримдиктин проблемалары изилденип жатат. Философия тарыхы жагынан кыргыз элинин идеологиялык ж-а рухий турмушунда ленинизмдин ролу изилденүүдө. Ин-ттун окумуштуу юристтеринин эмгектеринде респ-када мамлекеттүүлүктүн ж-а укуктун өнүгүшүнүн көптөгөн теориялык маселелери изилденген. Ин-ттун ишине коомдук башталмада респ-каным борборунун ар түрдүү укумдарынын көптөгөн философтору, юристтери тартылган. СССР философтор коомунун ж-а СССР психологдор коомунун респ-калык бөлүмдөрүнүн мүчөлөрү да бул ишке белгилүү салымдарын кошууда. Алардын ил. изилдөөлөрүн координациялоо, о. эле башка респ-калардын ил. коллективдери ж-а адистери м-н байланыш жүргүзүү б-ча да иш жүргүзөт.

Чыгыш таануу бөлүмү 1963-ж. негизделген. Бөлүм тарыхы м-н маданиятынын ар кыл проблемаларын изилдейт, дүйнө таанууунун тарых-социологиялык ж-а филологиялык маселелерин анализдейт. Чыгыш Түркстандын тарыхы тууралуу кабар берген тарыхый булактарды изден иликтейт ж-а чечмелейт. Бөлүм окуу китептерин түзүүдө ж-а Кыргызстан м-н Казакстандын бир катар атайын мектептеринде дүйнө тили м-н адабиятын окутууну жакшыртууда респ-каным Элге билим берүү министерствосуна жардам көрсөтөт.

О. Азия, Сибирь ж-а Чыгыш Азиянын майда элдеринин тарыхы м-н маданиятынын ар кыл проблемаларын изилдейт, дүйнө таанууунун тарых-социологиялык ж-а филологиялык маселелерин анализдейт. Чыгыш Түркстандын тарыхы тууралуу кабар берген тарыхый булактарды изден иликтейт ж-а чечмелейт. Бөлүм окуу китептерин түзүүдө ж-а Кыргызстан м-н Казакстандын бир катар атайын мектептеринде дүйнө тили м-н адабиятын окутууну жакшыртууда респ-каным Элге билим берүү министерствосуна жардам көрсөтөт.

Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөлөрү

Фамилиясы, аты, атасынын аты	Туулган же жашаган жылдары	Кайсы илимдин тармагы б-ча	Кайсы жылдан корр. мүчө
1	2	3	4
Акималиев Жамин Акималиевич	1936	агрохимия	1979
Алтымышев Арстанбек Алыбаевич	1930	фармакология	1974
Асаналиев Үсөнгазы Асаналиевич	1934	геология	1979
Афанасьев Виталий Аркадьевич	1928	органикалык химия	1979
Большаков Михаил Николаевич	1907	суу чарбасы	1954
Влешинский Станислав Владимирович	1919	органикалык эмес химия	1979
Быков Яков Васильевич	1913	математика	1960
Вяткин Михаил Порфирьевич	1895—1967	тарых	1954
Гареев Энвер Закизьянович	1910—74	осүмдүктөр физиологиясы	1965
Григоренко Петр Герасимович	1910—79	гидрогеология	1965
Данияров Санжарбек Бакирович	1928	радиобиология	1979
Дудинов Олимпий Авраамиевич	1896—1955	медицина	1954
Евтушенко Гавриил Алексеевич	1904—71	осүмдүктөр физиологиясы	1954
Дворников Леонид Трофимович	1934	механика ж-а механизмдердин теориясы	1977
Живоглядов Валерий Петрович	1938	башкаруу процесси	1977
Зима Анна Гавриловна	1909	тарых	1969
Иманакунов Бейшен	1930	органикалык эмес ж-а физикалык химия	1977
Исабаева Валентина Абдылдаевна	1927	адамдын физиологиясы	1961

1	2	3	4
Калмурзаев Капый Егизбаевич	1932	геология, геофизика	1977
Карыкулов Аманбек	1939	философия, илимий коммунизм	1979
Каширин Фёдор Тихонович	1911	геология	1954
Керимжанова Бүбү Дыйканбаевна	1920	адабият таануу	1954
Молдокулов Айдаркан	1930	экономика	1977
Мурзалиев Арстанбек	1931	медицина	1977
Орозалиев Керимкул Кенжеевич	1912	КПСС тарыхы	1974
Садыков Рысбек Эсенкулович	1929	биология	1977
Садыков Абдыкадыр	1933	адабият таануу	1979
Салиев Азиз Абдыкасымович	1925	философия	1954
Сартбаев Калкабай Калыкович	1911	кыргыз тил илими	1954
Секисов Геннадий Валентинович	1931	тоо илимдери	1979
Сулайманкулов Какиш Сулайманкулович	1933	органикалык эмес химия	1974
Табалдиев Асанбек Табалдиевич	1935—75	философия	1974
Табышалиев Салмурбек Табышалиевич	1928	Кыргызстан тарыхы	1974
Терминасов Юрий Степанович	1910—78	физика	1960
Токобаев Марат Молдогазиевич	1932	гельминтология	1977
Турдаков Фёдор Алексеевич	1899—1968	зоология	1960
Ухов Владилен Филиппович	1937	металлургия, сейрек ж-а түстүү металдар	1979
Френкель Георгий Львович	1899—1960	патофизиология	1960
Хасанов Анварбек	1914	Кыргызстан тарыхы	1965
Шатемиров Кадыр Шатемирович	1911	физикалык химия	1954
Чалов Павел Иванович	1923	геофизика	1977
Янушевич Александр Иванович	1903	зоология	1960

К.-Г. Каракеев

ТАРМАКТЫК ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕР

Ар түрдүү министерстволор м-н ведомстволорго караштуу ил. из. ин-ттары, бөлүмдөр ж-а лабораториялар бар. Алар Кыргыз ССР ИА, жогорку окуу жайларынын илимий лабораторияларынын ж-а кафедраларынын м-н тыгыз байланышта. Кыргыз ССР а. ч. министерствосунун системасында 5 ил. из. ин-ту иштейт. Алардын тажрыйба станциясы, 6 таяныч пункту, 2 тажрыйба, 2 үрөн чарбасы бар. Ин-ттар пайдаланган жерлердин жалпы аянты 377 560 *га*, а. и. айдоо жер 50 233 *га*ны түзөт. Бул ин-ттарда 1980-ж. 105 бөлүм, сектор ж-а лаборатория болуп, 1231 адам эмгектенип, 619у илимий кызматкер, а. и. 10 илимдин доктору ж-а 198 илимдин кандидаты. Алардын изилдөөлөрүнүн тематикасы мал чарбасы м-н ветеринариянын, топурак таануу илиминин, кайрак ж-а сугат дыйканчылыгынын эң маанилүү проблемаларын кеңири камтыйт. Бул проблемаларды чечүү а. ч. азык-түлүгүн көбөйтүүгө, КПСС БКнын Май (1982) пленумунун чечимдерин, өлкөнүн азык-түлүк программасын жүзөгө ашырууга комок көрсөтүүдө. Ин-ттар илимий кадрларды даярдайт. Илимий эмгектердин жыйнактарын ж-а монографияларды, инструкцияларды, информация бараңчаларын басып чыгарат.

Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмеси (1931-ж. Фрунзеде Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-ту негизделген, 1976-жылдан бирикме). Составында 3 тажрыйба станциясы, 11 чарбасы бар: Оргочор кой чарба тажрыйба станциясы, Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы, Түш. Кыргызстан мал чарба тажрыйба станциясы ж-а Сокулук тажрыйба чарбасы.

Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинде алай породасы тобундагы койду көрүү.



басы. Иштин негизги багыттары: малдын азыркы породаларын өркүндөтүү ж-а жаңы породаларды түзүү, аларды туура тоюттандыруу ыкмаларын иштеп чыгуу, жайыт-чөп чабынды жерлерди пайдалануну жакшыртуу. Мал чарбасында оор жумуштарды механикалаштыруу, а. ч. өндүрүшүн адистештирүү, топтоо ж-а жайгаштыруу проблемалары, малдын жугуштуу, инвазиялуу ж-а жугушсуз ооруларынын алдын алуу ж-а дарылоо, малды тол эсебинен көбөйтүү ж-а колдон уруктандыруу биологиясы. Койдун эң кунардуу, бийик тоо шартына чыдамкай кыргыз уяң жүндүү, тянь-шань чала уяң жүндүү, алай чала кылчык жүндүү породалары; ала-тоо ую, олуя-ата ую, кыргыз жаңы жылкысы чыгарылып, кыргыз эчкиси сымал тыбыттуу эчки, эжжумуртка багытындагы тоок породаларын чыгаруу иши жүргүзүлүп жатат.

Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмеси (1956-ж. Фрунзеде Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-ту негизделген, 1976-жылдан бирикме). Өзүнүн составында 3 таяныч станция: кант кызылчасы б-ча станция (Сокулук р-нунун Биринчи май с-зу), пахта өстүрүү б-ча станция (Кара-Суу р-нунун Кара-Суу с-зу), тажрыйба-селекция станциясы (Ак-Суу р-нунун Челпек кыш.), 2 чарба (Сокулук р-ну), 2 таянып пункту (Нарын ш., Ош обл-нын Фрунзе р-ну) бар.

Иштин негизги багыттары: а. ч. өсүмдүктөрүнүн жаңы мол түшүмдүү сортторун чыгаруу, которуштурун эгүүнүн агротехникалык ыкмаларын, кыртышты иштетүү ж-а жер семирткичтерди колдонуу жолдорун, сугат режимин ж-а ылгын, өсүмдүк зыянкечтерине, илдеттерине каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгуу, комплекстүү механикалаштыруунун базасында эң маанилүү а. ч. өсүмдүктөрүн эгүүнүн ж-а жыйноонун агротехникалык, технологиялык ыкмаларын өркүндөтүү, жашылча, момо-жемиш ж-а жүзүм өстүрүүнү оптуктүрүү, дыйканчылыктын ж-а тоют топтоонун экономикасы болуп саналат. А. ч. өсүмдүктөрүнүн 70тен ашуун жаңы сорту чыгарылып, алардын бир кыйла бөлүгү райондоштурулуп, селекциялык сорттор Кыргызстан ж-а Казакстандын колхоздору м-н совхоздорунун эң көп аянттарында эгилет. Бирикмеде ж-а анын тажрыйба станцияларында которуштурун эгүүнүн агротехникалык ыкмалары иштелүүдө, кызылчаны, пахтаны ж. б. которуштурун эгүүдө жерди иштоо системасы, а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн агротехникасы, өсүмдүктөрдү сугаруу, сугат режиминин прогрессивдүү жолдору, эгүү ж-а жыйноону комплекстүү механикалаштыруу ыкмалары ж-де сунуштар иштелип чыгууда, жер семирткичтин ар кандай түрүнүн, чачуу өлчөмүнүн, моонотүнүн ж-а колдонуу ылгынын тийгизген таасири талдалып, эмгек өн-

Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмесинин буудай селекциясы бөлүмүнүн тажрыйба талаасында.



дүрүмдүүлүгүн жогорулатуу резервдери ж-а дыйканчылык продукциясынын өз наркын төмөндөтүү жолдору изилденүүдө.

Кыргызстан топурак таануу илим изилдөө институту (1966-ж. Фрунзеде негизделген). Ин-ттун карамагында 5 таяныч пункту иштейт: Чүй топурак-климат пункту, Кыргызстандын түндүгүндөгү топурак-эрозия пункту, Ысык-Көл комплекстүү пункту, Кара-Балтадагы эрозияга каршы күрөш б-ча пункт, Кыргызстандын түштүгүндөгү комплекстүү пункт. Иштин негизги багыттары: топурак кыртышын, топурактардын генезисин



ВАСХНИЛдин ж-а Кыргыз ССР ИАнын академиги А. Мамытов м-н Кыргызстан топурак таануу ил. из. ин-тунун кызматкерлери О. Азия аймагынын жаңы түзүлгөн топурак картасын талкуулоодо. 1978.

ж-а касиеттерин изилдөө, алардын асылдуулугун жогорулатуу ыкмаларын иштеп чыгуу, топуракты агроөндүрүш б-ча топторго бөлүштүрүү ж-а баалоо ыкмалары, илимий негизде туздуу топурактарды ж-а шор жерлерди өздөштүрүү, мелиорациялоо жолу, топуракты суу ж-а шамал эрозиясына каршы күрөшүү методдору. Топурактын негизги типтеринин минералдык составын, физикалык касиеттерин, суу, аба ж-а жылуулук режимдерин иликтеп, аларды жогго салуу ыкмаларын иштеп чыгуу. Респ-канын топурак-мелиорация ж-а топурак-эрозиялык картасы, эрозияга каршы чараларды райондоштуруу картасы түзүлүп, сугат ж-а кайрак айдоо жерлерди, жайыт ж-а чөп чабынды жерлерди баалоо чени, жерге экон. жактан баа берүү методикасы иштелип чыккан.


Кыргызстан тоют жана жайыт илим изилдөө технологиялык институту. 1976-ж. Кыргызстан мал чарба илимий өндүрүш бирикмесинин тоют ж-а жайыт бөлүмү м-н респ-канын тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү станциясынын базасында уюштурулган. Сокулук р-ндагы Комсомол кыштагында. Ин-ттун составында 9 бөлүм ж-а бир лаборатория, Сокулук, Ак-Суу, Ат-Башы р-ндорунда 3 тажрыйба-селекция чарбасы бар. Иштин негизги багыттары: табигый тоют топтолуучу жерлерди жакшыртуу, сарамжалдуу пайдалануу, сугат ж-а кайрак жайыттарга көп жылдык чөп эгүү, эгилме чөп чабынды түзүү ж-а талаадан тоют топтоону жакшыртуу, комплекстүү механикалаштыруунун базасында тоют өсүмдүктөрүн айдоо, жыйноо технологиясын, о. эле тоют даярдоо, сактоо ж-а кайра иштоо чараларын иштеп чыгуу. Мындан тышкары, илдеттерге, зыянкечтерге ж. б. ыңгайсыз факторлорго туруштук берүүчү тоют өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүү сортторун түзүү, жанайы тоют чөптөрүн ж-а майда бадалды пайдалануу, аларды өстүрүү жолдорун талдоо ж-а үрөнчүлүктү уюштуруу

иштерин жүргүзүү. Кыргыз ССРинде тоют топтоо ж-а шалбаа-жайыт чарбасын жүргүзүү б-ча илимий негиздүү системаны иштеп чыгууда ин-ттун окумуштуулар коллективи жайыт ж-а чөп чабындынын ар түрдүү типине жер семирткич чачуу жолу м-н табигый чөп чабынды жерлерди жакшыртуунун, сугат ж-а кайрак эгилме жайыт түзүү ыкмалары иштелип чыккан. Мында сугат жерлердин ар гектарынан 600—700 ц ж-а кайрак жерлердин ар гектарынан 80—100 ц көк чөп алынат. Деңиз деңгээлинен 2400—2500 м бийиктиктеги тоо ооондорунө чөп чабынды түзүүдө көп жылдык дан ж-а чанактуу өсүмдүктөрдүн түрлөрү м-н сорттору тандалып алынган. Көп жылдык чөптүн 11 сорту, прутняктын 2 сорту, соянын, көп жылдык кара буудайдын ж. б. өсүмдүктөрдүн жаңы сорттору чыгарылып, жапайы тоют өсүмдүктөрү эгилип жатат. Көп жылдык чөптүн уругун эгин комбайндары м-н жыйноо жолдору иштелип чыгып, алар чөп уругун тазалоого ылайыкталып жабдылды.

Кыргызстан экономика жана айыл чарба өндүрүшүн уюштуруу илим изилдөө институту 1980-ж. Фрунзеде тармактык ин-ттардын — дыйканчылык ж-а мал чарба илимий-өндүрүш бирикмелеринин, топурак таануу ил. из. ин-тунун, жайыт ж-а тоют ил. из. технологиялык ин-тунун экономика бөлүмдөрүнүн, Кыргыз ССР ИАнын Экономика ин-тунун агрардык секторлорунун базасында уюштурулган. Ин-ттун 6 бөлүмүндө 100дөн ашуун илимпоз техник кызматкерлер иштейт. Иштин негизги багыттары: айыл чарба өндүрүшүн туура жайгаштыруунун, адистештирүүнүн ж-а ургаал өнүктүрүүнүн натыйжалуулугу, аны о. ж-лык негизге көчүрүүнүн экон. проблемаларын иштеп чыгуу; ортоктош кооперациянын ж-а агротехникалык интеграциянын улам өнүктүрүүнүн ыктуу жолдору м-н проблемаларын иштеп чыгуу ж-а экон. жактан негиздөө; а. ч. ишканаларында ылгандаштыруунун, башкаруунун, чарб. ички эсепти, эмгекти уюштыруунун, нормалоонун ж-а эмгекке акы төлөөнү өркүндөтүү б-ча проблемаларды, сунуштарды иштеп чыгуу ж-а Ысык-Көл — Чүй аймакташ өндүрүш комплексин түзүүнү илимий жактан изилдөө, колхоз-совхоз өндүрүшүнө илимий сунуштарды киргизүү ж. б.


Кыргызстан онкология жана радиология илим изилдөө институту 1959-ж. Фрунзеде негизделген. Пржевальскидеги обл., Токмоктогу райондор аралык онкологиялык диспансерлерди, респ-канын ар түрдүү райондорундагы 4 онкологиялык бөлүм ж-а 43 кабинетти бириктирип турат; ооруканаларынын жалпы саны 850. Тышкы чөйрөнүн көп бир факторлорунун канцерогендик таасирин аныктоо б-ча изилдөөлөрдүн патыйжалары бир катар о. ж. ишканаларында тышкы чөйрөнү жакшыр-

Кыргызстан онкология ж-а радиология ил. из. ин-ту. Нур м-н дарылоо.



туу б-ча практикалык чараларды кабыл алууга мүмкүндүк берди (Канттагы цемент-шифер з-ду, Кадамжайдагы сурьма комбинаты, тамеки ж-а а. ч. өндүрүшүнүн көз бир ишканалары). Кыргызстанда онкологиялык ооруларды ичинде өзгөчө көп кездешкен карын рагы ар тараптан изилденүүдө, ооруну диагноздоо жакшырып, хирургиялык дарылоо методдору оркүндөп жатат.

Кыргызстан туберкулёз илим изилдөө институту 1957-ж. туберкулёзго каршы респ-калык диспансердин базасында Фрунзеде негизделген. Клиникалык базасы 410 орун. Иштеги негизги багыттар: туберкулёз эпидемиологиясы ж-а туберкулёзго каршы күрөштү уюштуруу формалары, иммунология ж-а туберкулёзду козгогучтун өзгөргүчтүгү, дифференциалдык диагноздоо ж-а ооруларды дарылоону өркүндөтүү. Ин-ттун биохимиялык лабораториясында алынган бализ препараты



Кыргызстан туберкулёз ил. из. ин-тунун кызматкерлери айыл жерлерде профилактикалык рентген-флюорографиялык кароону өткөрүүдө.

СССР саламаттык сактоо министерствосунун Фармакология комитети тарабынан медициналык практикада колдонууга сунуш кылынган; кургак учуктун микробактерияларын бөлүп чыгаруу үчүн лиофилизацияланган азык затка бай чөйрө СССРдин туберкулёзго каршы күрөш жүргүзүүчү мекемелеринде кеңири пайдаланылып жатат.

Кыргызстан акушердик жана педиатрия илим изилдөө институту 1961-ж. Фрунзеде негизделген, 1975-жылга чейин Кыргызстан эненелерди ж-а балдарды коргоо ИИИ. Ин-ттун 8 бөлүмү бар: илимий медициналык информация сектору, акушердик, эмчектеги балдарды тамактандыруу, пульмонология, клиникалык иммунология ж-а гематология, патофизиология, функциялык диагноздоо ж-а жаш өзгөчөлүк фармакологиясы, уюштуруу методикалык бөлүмдөр. Иштин негизги багыттары: алдын, эненин ж-а ымыркай баланын деп соолугун сактоо, баланын организминин жаш өзгөчөлүктөрү, көп бойлуулуктун өтүшүнө, түйүлдүккө ж-а ымыркай баланын абалына бийик тоонун таасири; балдардын итий оорусун, көз бир патологиялык абалын (пневмония, кан оорулары, остеомиелит) алдын алуу, баланын өнүгүп жаткан организминин регионардык физиологиялык константалары, баланы тамактандыруу; балдардын жүрөкан тамыр оорулары ж-а кан системасынын оорулары ж. б. проблемаларды изилдөө. Остеомиелитти этап б-ча дарылоо методдору иштелип чыккан; респ-када гана эмес, анын аймагынан тышкары жерлерде кеңири белгилүү болгон баланы тамактандыруучу — биолакт азыгы даярдалган. Клиникалык базасы 460 орун (1981), анын 260ы өзүндө (педиатриялык), 50сү шаардык № 5 балдар ооруканасындагы ара төрөлгөн балдар үчүн ж-а респ-калык торот үйүндөгү 150 акушердик орун.

Кыргызстан эпидемиология, микробиология жана гигиена илим изилдөө институту 1938-ж. Фрунзеде негиз-

делген. Иштеги негизги багыттар: дизентерия, мите келтелердин эпидемиологиясы ж-а профилактикасы; балдардын катуу кармаган жугуштуу ооруларынын, асыресе, дифтерия (кептеор) ж-а скарлатина; гельминтоз ооруларынын, висцералдык лейшманиоз ж. б. Бир катар жугуштуу ооруларды (келте-паратифоз тобунун, дизентериянын, колиэнтериттердин, кутурманын, дифтериянын, респиратордук катуу ооруларды) этиологиялык структурасы ж-а эпидемиологиялык закон ченемдери изилденүүдө. Профилактика препараттары өндүрүлүп, кутурма, дифтерия, бруцеллёз, гельминтоз ооруларына алардын эпидемиологиялык натыйжалуулугу текширилет; ичеги ж-а тамчы инфекциялар болгон кезде эпидемиологиялык процесстин башкы фактору изделип, алардын этиологиялык структурасы, фаготипажы, козгогучтардын антибиотиктерди сезгичтиги, дарылоо препараттарынын натыйжалуулугу, микроорганизмдердин антигендик касиеттери изилденет; келте-паратифоздук ооруларды, дизентериянын, колиэнтериттин ж-а эпидемиялык гепатиттин эпидемиологиясы ж-а профилактикасы үйрөнүлөт. Була ж-а кант заводдорунун, көмүр ө. ж. ишканаларынын, дан өндүрүшүнүн, пахта, жибек, жүн, тамеки иштетүүчү ишканалардын жумушчуларынын эмгек шарттары изилденет. Респ-канын суу ресурстарына (а. п. Ысык-Көл курорт зонасынын ж-а Ысык-Көлдүн бассейнинин) ж-а а. ч-да колдонуучу бир катар пестициддерге гигиеналык баа берүү б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Клиникалык базасы 60 орун.

Кыргызстан курортология жана физиотерапия илим изилдөө институту, 1957-ж. респ-калык физикалык методдор м-н дарылоо клиникалык оорукапасынын базасында Фрунзеде негизделген. Иштеги негизги багыттар: курорт жерлерин ж-а курорт ресурстарын изилдөө; соо ж-а оорулуу организмге физикалык ж-а курорттук факторлордун тийгизген таасиринин механизмдерин үйрөнүү; орто ж-а бийик тоолуу шарттарда организмдин адаптация реакцияларынын агымы. Ар түрдүү оорулар м-н ооруган адамдарды дарылоонун, оорулууларды медициналык реабилитациялоонун рационалдуу методдору ж-а комплекстери иштелип чыгууда, курортторду, санаторий-курорттук мекемелерди ж-а дарылоо-профилактикалоочу мекемелердин физиотерапиялык кызматтарын уюштуруу б-ча илимий практикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Клиникалык базасы 120 орун.

Кыргызстан кардиология илим изилдөө институту (ККИИИ). 1977-ж. бийик тоолуу шарттарда киши организминин физиологиясы ж-а патологиясы проблемалык лабораториясынын базасында негизделген. Иштеги негизги багыттары: бийик тоолуу шарттарда адаптациянын ж-а деадаптациянын физиологиялык механизмдерин үйрөнүү, Кыргызстандын шартында жүрөк-кан тамыр ооруларынын таралышын, клиникалык-функциялык көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү ж-а дарылоонун рационалдуу методдорун иштеп чыгуу; жүрөк-кан тамыр ооруларын дарылоо ж-а профилактикасы үчүн тоо климатын пайдалануунун илимий жактан негизделген принциптерин иштеп чыгуу. Ин-ттун Тоо-Ашуудагы (3200 *м*) бийик тоолуу стационарында дарылоо-профилактикалык максатта тоо климатын пайдалануу мүмкүндүктөрү текширилет. Ин-ттун составына 4 бөлүм (илимий-уюштуруу, илимий-медициналык информация, илимий-клиникалык ж-а лаборатория-эксперименттик), 5 илимий клиникалык сектор (жүрөктүн ишемиялык оорусу, артериялык гипертензия, кардиохирургия, бийик тоо адаптациясы ж-а жүрөк жетишсиздиги, калыбына келтирүү) ж-а 6 лаборатория (кишинин генетикасы ж-а морфологиясы, иммунология, гематология ж-а коагулология, биохимия, эксперименттик кардиология, башкаруунун автоматташтырылган системалары) кирет. Клиникалык базасында 320 орун, 7 бөлүм (реанимация, миокарддын инфаркты, артериялык гипертензия, өпөкөт коронардык ж-а жүрөк жетишсиздиги, ревматология, нефрология, функциялык диагностика) ж-а консультациялык поликлиника бар.

Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин экономика жана экономика-математика методдору менен планданууларды илим изилдөө институту (1970-ж. Фрунзеде негизделген). Иштин негизги багыттары: экон.-математикалык методдорду ж-а ЭЭМди колдонуунун негизинде эл чарбасын өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү прогноздорун иштеп чыгуу ж-а калктын санын, эмгек ресурстарын прогноздоону кошо алганда, респ-канын аймагында өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу, коомдук продуктунун ж-а улуттук кирешенин өсүү темптерин, өндүрүштүн коломүн ж-а анын тармактар аралык пропорцияларын негиздөө; турмуш деңгээлин ж-а элдин керектөөсүнүн структурасын прогноздоо; респ-канын ар түрдүү эл чарба тармагын аймак б-ча жайгаштыруу, анын райондорун комплекстүү өнүктүрүүнү изилдөө; норма негизин аныктоо м-н продукция өндүрүү ж-а белүштүрүү жагынан тармак арасындагы баланс үлгүсүн түзүү. Көпчүлүк тема бүткүл союздук башкы уюмдар м-н биргелеп, шайкеш иштелет.

Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин республикалык илимий-техникалык информация жана пропаганда институту (1958-ж. Фрунзеде негизделген). Иштин негизги багыттары: респ-када илимий-техникалык информация системасын өркүндөтүү, информация жыйноо системасын иштеп чыгуу, илимий, өндүрүштүк-техникалык, коомдук-саясий ж-а экон. адабияттардын информация материалдарын, ө. эле патент нормативтик-техникалык документациянын справка-информация фондусун толуктоо. Ведомстволук баш ийүүнө карабастан респ-канын ишканаларын, уюмдарын, окумуштуулардын, адистерин ж-а өндүрүш новаторлорун информация ж-а китепкана м-н тейлөө практикалануда; респ-канын илимий-техникалык информация органдарына методикалык жардам көрсөтүүдө. Кыргыз тилинде сигнал информация, адабият көрсөткүчтөрү, «Новости науки и техники» деген реферат жыйнак, респ-канын эл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги проблемалары б-ча жалпылама информация, экспресс информация, тармактар аралык информация ж-дө информация барактары, респ-калык өндүрүш м-н техниканы алдынкы тажрыйбасы ж-дө, информациялык карталар ж-а илимий-техникалык пропаганда б-ча чаралар ж-дө билдирүү, илимий-техникалык информация, пропаганда б-ча методикалык материалдар, информация б-ча илимий эмгектердин материалдары басылып чыгат.

Мелиорация системаларын комплекстүү автоматташтыруу боюнча бүткүл союздук илим изилдөө институту 1975-ж. Фрунзеде негизделген. 1965-жылдан бери СССР суу чарба министерствосунун «Союзавтоматика» илимий-өндүрүш бирикмесинин составына кирет. Иштин негизги багыттары: суу сактагычтарды ж. б. суу чарба объектилерин комплекстүү пайдалануу; тоолуу жерлерде өзөндөрдүн түзүлүшүн, суу топтогучтардын, каналдардын башкы тармагынын ж-а алардагы курулуштун жайгаштырылышын, курулушун иликтөө, чарбаларда суу болүштүрүү ж-а пайдалануу; сугат ыкмалары; суу чарбасынын экономикасы ж. б. 1966-жылдан бери ин-ттун негизги иши Кыргыз ССРинин гидромелиорация системаларын ж-а суу чарба объектилерин долбоорлоо, куруу ж-а пайдалануу жагынан жерг. өзгөчөлүктөрдү эске алуу м-н ар түрдүү сугат зоналары үчүн гидромелиорация системаларын комплекстүү автоматташтырууну, мелиорациялоону ж-а суу чарбасын камтыйт. Ин-т сугат жерлердин шордонушуна каршы күрөш жүргүзүү б-ча чараларды иштеп чыгууга, ар түрдүү табигый-чарб. шартта механикалаштырууну ж-а автоматташтырууну колдонуу м-н а. ч. өсүмдүктөрүн сугаруунун жакшы жолдорун табууга, ө. эле суу болүктөрү ж-а сугаруу процесстерин механикалаштырууну, автоматташтырууну камсыз кылчу сугат системаларынын, гидротехникалык курулуштардын жакшы конструкцияларын иштеп чыгууга катышат. «Вопросы водного хозяйства» деген эмгектер жыйнактары, гидромелиорация системаларын автоматташтыруу б-ча атайын тематикалык жыйнактар мезгили м-н чыгарылат.

Электр машина куруунун долбоорлоо-конструктордук жана технологиялык илим изилдөө институту 1961-ж. Фрунзеде негизделген. Иштеги негизги багыттарына аз кубаттуулуктагы электр машиналар (конструкциясы, технологиялык процесстери ж-а жогорку өндүрүмдүү технологиялык жабдуулар), электр кыймылга келтиргич ж-а автоматика, полимердүү материалдардан алынган пластмассалуу конструкциядагы элементтер, коллекторлуу, асинхрондуу ж-а синхрондуу кыймылдаткычтар үчүн изоляция материалдар тармагындагы изилдөөлөр кирет. Ин-т көрсөтүлгөн номенклатура б-ча жаңы буюмдарды даярдоого, ө. эле аларды сериялуу чыгарууну көзөмөлдөө б-ча заводдорго жардам көрсөтөт. Электр-тех. ө. ж. министерствосунун ишканаларында аз кубаттуулуктагы электр кыймылдаткычтарын сынайт, продукциянын сапатын ж-а өндүрүштүн деңгээлин жогорулатуу б-ча уюштуруу-техникалык иш-чараларына катышат.

СССР энергетика жана электрлештирүү министерствосунун Кыргызстандагы илим изилдөө энергетика бөлүмү 1960-ж. Фрунзеде негизделген. Бөлүмдүн алдында 8 ил. пз. лабораториясы бар. Алар: жогорку чыңалуу техникасы, энергия системаларынын экономикасы ж-а иштенимдүүлүгү, тоолуу жерлерде электр берүү линиялары (ЭБЛ), колдонмо геофизикалык изилдөөлөр, отун-энергия балансы, комплекстүү суу-энергия проблемалары, айылдык энергетика, отунду пайдалануунун жакшы методдору; 2 сектор — илимий-техникалык информация ж-а патенттөө, эсептөө жумуштары. Анын составына Тоо-Ашуудагы (деңиз деңгээлинен 3200 *м*) бийик тоолуу ил. из. станциясы, Орто-Ашуудагы (3600 *м*) чагылган процесстеринин илимий изилдөө станциясы (2000 *м*) ж-а шамалды-тоңголокту сыноо станциясы кирет. Иштеги негизги багыттары: респ-канын энергетикасын өнүктүрүү, жерг. энергия ресурстарын пайдалануу, жогорку вольттуу электр тогун берүү линияларын куруу проблемалары. О. Азия ж-а Түш. Казакстандын энергиялык бирикмесине кирген респ-канын гидроэнергетикалык ресурстарын өздөштүрүүнүн башталышы болгон Нарын энергия системасын өнүктүрүү маселелери изилденүүдө, электр тогун берүүнүн тоо арасындагы линияларын куруу ж-а пайдалануу шарттары изилденүүдө, жерг. отунду технологиялык кайра иштетүүнүн эсебинен аны пайдалануунун пайдалуу жагылуулугун жогорулатуу мүмкүндүктөрүнө анализ жасалууда. Бөлүмдүн маалыматтарынын негизинде трассалар, метеорологиялык шарттардын расчёту, Кыргызстандын аймагында курулуп ж-а долбоорлонуп жаткан чыңалуусу 110 *кв* ж-а андан жогору болгон бардык ЭБЛдин электрдик ж-а механикалык бышыктык деңгээли аныкталат, бөлүмдүн лабораторияларында ө. ж-дан агып чыккан сууларды тазалоодо колдонулуучу бууну ж-а активдештирилген көмүрдү бир мезгилде алуу м-н катуу отунду кайра иштетүүнүн электр-технологиялык методу тажрыйба-ө. ж-лык текшерүүдөн өтөт. Бөлүмдүн маалыматтары б-ча СССРде биринчи жолу аз кубаттуулуктагы туруктуу электр тогун аралыкка берүү долбоорлонгон. 1964-жылдан «Кыргызстандагы илим изилдөө энергетика бөлүмүнүн эмгектери» чыгат.

Тоют даярдоо машиналары б-ча Фрунзе конструктордук-технологиялык институту СССРдин мал чарбасы ж-а тоют даярдоо үчүн машина жасоо министерствосуна карайт. 1959-ж. Фрунзеде негизделген. Ин-т конструкциялаган машиналар РСФСРдин 10 ишканасында, Украина, Казакстан, Фрунзе, Улан-Удэ, Рязань, Челябинск, Сальск, Целиноград ж. б-ларда чыгарылат. Ин-тта кесек тоют даярдоонун цикайлуу технологиясын негиздөө б-ча изилдөө жумуштары жүргүзүлөт, чөп таңгактоочу машиналар ж-а комплекстер иштелип чыгарылат. Тажрыйба цехинде машиналардын жаңы жабдуулары ж-а үлгүлөрү жасалат, алар адегенде ин-тка караштуу сыноо станциясында бир орунда ж-а талаада сыноодон өткөрүлөт, андан кийин мамл. машина сыноо станцияларында сыналат. Жаңы машиналарды сериялап чыгарууну өздөштүрүүдө заводдорду техникалык жактан кайра жабдуунун мөөнөттөрүн кыскартуу максатында агрегаттык ж-а атайын станокторду долбоорлоо, ширетүүчү шайман ж-а жабдуулар, технологиялык процесстерди иштеп чыгуу б-ча болүмдөр түзүлгөн. Ин-т айрым машиналарды жасоодон кесек тоютту даярдоонун бардык процесстерин толук механикалаштырууга мүмкүндүк берген машиналардын ж-а механизмдердин комплекстерин иштеп чыгууга өткөн. Түздө ж-а тоолуу жерлерде чөптү таңгактоочу машиналардын комплекси, ири түрмөк түрүндө чөп даярдоо үчүн машиналардын комплекстери СССРде ж-а чет өлкөлөргө кеңири белгилүү. ПС-1,6 ж-а ПРП-1,6 чөп таңгактагычы ж. б. машиналар ал аралык көргөзмөлөрдүн, ярмаркалардын, СССР ж-а Кыргыз ССР ВДНХларынын медалдары м-н дипломдорун бир нече жолу жеңип алган.

Айыл чарба машиналарын куруу б-ча бүткүл союздук илим изилдөө институтунун Кыргызстандагы филиалы 1965-ж. Фрунзеде негизделген. Иштинин негизги багыттары: сугат ж-а кайрак жерлердин кыртышын иштетүүчү, шалбаа, жайыттарды жакшыртуучу машиналарды изилдөө ж-а түзүү.

Кыргыз автомобиль-жол конструктордук-технологиялык институту (1959-ж. Фрунзеде негизделген). Автотранспортту пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу б-ча Кыргыз ССРинин шарттарында жол куруунун ж-а автомобиль жолдорун пайдалануунун методдорун өркүндөтүү иштерин жүргүзөт; өндүрүштүн технологиялык процесстерин өркүндөтүүдө, жаңы техниканы ж-а эмгекти илимий уюштуруунун киргизүүдө автотранспорттук, авторемонттук ж-а жол пайдалануучу ишканаларга техникалык жардам көрсөтөт.

СССР айыл чарба министерствосунун Главсельстройпроектисинин кой чарба комплекстерин, имараттарын жана курулуштарын типтештирип жана эксперименттеп долбоорлоо б-ча борбордук илим изилдөө жана долбоорлоо институту (ЦНИИЭП) (1964-ж. Фрунзеде негизделген, 1968—75-ж. типтештирип ж-а эксперименттеп долбоорлоо Бүткүл союздук долбоорлоо институту деп аталган). Иштинин негизги багыттары: кой ж-а жылкы комплекстерин долбоорлоо болуп саналат. Мындан тышкары ин-т Кыргыз ССРи б-ча зоналык болуп эсептелет ж-а айыл-кыштак жерлеринде өндүрүштүк, о. эле турак жай-граждандык объектилерди изилдөө ж-а долбоорлоо б-ча милдеттерди, колечектин пландарын ж-а кыштактык инженердик тармактарды түзүү б-ча жумуштарды аткарат. Чет өлкөлүк объектилерди (МЭР, БЭР үчүн) долбоорлоо б-ча иш жүргүзөлөт. Кой, жыл-

Кыргызстан кардиология ил. из. ин-тунун директору, СССР МПАнын корр. мүчөсү, Кыргыз ССР ИАнын академиги М. М. Миррахимов ин-ттун врачтары м-н оорулууларды карап көрүүдө. 1980.



кы чарбасы б-ча СССРдин алдыңкы ил. из. ин-ттары, ушул тармактар үчүн техника иштеп чыгып жаткан өлкөнүн негизги долбоорлоо-конструктордук уюмдары м-н чыгармачылык байланышта.

СССР соода министерствосунун элге керектүү товарларга калк суроосун жана соода конъюнктурасын талдоо боюнча Бүткүл союздук илим изилдөө институтунун Кыргыз филиалы (1966-ж. Фрунзеде негизделген). Эл керектөөчү товарларга суроону, соода конъюнктурасын талдоо проблемалары б-ча изилдөөлөр жүргүзүлөт, бул жагында ил. из. топтоштурулат, калктын суроосун анализдешкен респ-каның бардык ил. из. мекемелерине методикалык жетекчилик кылуу ишке ашырылат.

Кыргыз ССР агартуу министерствосунун Кыргызстан педагогика илим изилдөө институту (1951-ж. негизделген, Фрунзе). Ишинин негизги багыттары: улуттук мектептин ботөнчөлүктөрүн эске алуу м-н окуучуларга коммунисттик тарбия берүү теориясының ж-а жеке методикалардын дидактикасының проблемалары; мектепти жабдуунун ж-а окутуунун техникалык каражаттарының, кесиптик-техникалык билим берүүнүн маселелери. 20 жыл ичинде (1960—80) ин-ттун окумуштуулары тарабынан мектептер үчүн 25 оригиналдуу окуу китеби ж-а окуу куралдары түзүлгөн; кыргыз, орус, чет тилдери ж-а адабияттары б-ча, тарых, эмгекке үйрөтүү, факультативдик сабактар б-ча 80ден ашуун программалар даярдалган. Мугалимдердин ж-а ата-энелердин арасында педагогикалык билимдер пропагандалануп турат. 1958-жылдан бери ин-т тарабынан жылына 6 сандан турган «Русский язык в киргизской школе» аттуу бюллетень чыгарылат.

Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы институту — КПСС БКга караштуу Ленин ордендүү Марксизм-ленинизм институтунун филиалы (1950-ж. негизделген, Фрунзе). К. Маркстын, Ф. Энгельстин, В. И. Ленindин, КПССтин ж-а Совет мамлекетинин коруңуктүү ишмерлеринин чыгармаларын, о. эле алардын өмүр баяндарын ж-а партиялык документтерди кыргыз тилине которуп, басып чыгарат; Кыргызстан Компартиясының тарыхын, партиялык курулуштун, комсомолдун маселелерин, ленindик улут саясатының ж-а интернационалдык тарбия берүүнүн проблемаларын иштеп чыгат; КПСС БКга караштуу МЛИ иштеп чыгып жаткан проблемаларды изилдөөгө катышат. Марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын ж-а КПССтин документтерин кыргыз тилине которуу, партия тарыхы, парт. курулуш, парт. архив секторлору иштейт. Ин-тта парт. ж-а комсомолдук документтер, эмгекчилердин В. И. Ленинге, КПСС БКга, Совет өкмөтүнө ж. б-га жазган каттары топтолгон. Респ-када «К. Маркстын, Ф. Энгельстин тандалма чыгармалары» деген эки томдугу ж-а алардын айрым чыгармалары; В. И. Ленindин чыгармалар жыйнагының 4-басылышының 45 тому, анын илимий биографиясы, көп сандаган айрым эмгектери, бир катар тематикалык жыйнактары кыргыз тилинде басылып чыккан. Марксизм-ленинизм классиктеринин ин-т тарабынан кыргыз тилине которулган эмгектери, Советтер Союзунун Компартиясының коруңуктүү ишмерлеринин чыгармалары 1 630 миң пускадан ашуун тираж м-н басылып чыккан. «Леонид Ильич Брежнев» деген кыскача биографиялык очерк, Л. И. Брежневдин 8 томдоп турган «Ленindик жол менен» деген сүйлөгөн сөздөр ж-а макалалар жыйнагы, КПССтин, Кыргызстан Компартиясының съезддеринин резолюциялары ж-а чечимдери, башка документтер, коомдук-саясий адабият кыргыз тилинде басылып чыккан.

КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм ин-тунун илимий-методикалык жардамы м-н томонку эмгектер даярдалып жарыяланган: «Кыргызстан Коммунисттик партиясы съезддердин, обкомдун жана БКның конференциялары менен пленумдарының резолюцияларында жана чечимдеринде» [1-болук (1924—1936), Фр., 1958; 2-болук (1937—1955), Фр., 1963; 3-болук (1956—1961), Фр., 1973; 4-болук (1962—1971), Фр., 1974; 5-болук (1971—1976), Фр., 1980], «Кыргызстан Коммунисттик партиясының тарыхының очерктери» (1-бас., Фр., 1966; 2-бас., Фр., 1979) «Кыргызстан Коммунисттик партиясының тарыхынын маселелеринин» 11 чыгарылышы (Фр., 1962—1975). Институт көп томдуу «Советтер Союзунун Коммунисттик партиясының тарыхын» даярдоого активдүү катышып жатат. КПСС БКга караштуу МЛИнин филиалдары ж-а О. Азия республикалары м-н Казакстандын илимдер академияларының тарых ин-ттары м-н бирдикте төмөнкүлөр басылып чыккан: «Орто Азия менен Казакстандагы чет элдик согуштук интервенция жана граждандык согуш» (1—2-томдор, А.-А. 1963, 1964), «Кыргызстан тарыхы» (1—2—3-басылыштары, Фр., 1956, 1963, 1968), «Орто Азия Коммунисттик уюмдарының тарыхы» (Таш., 1967), «Капитализмди аттап социализмге карай» (М., 1974). Ин-т марксгик-ленindик теориянын ишке ашырылышы, КПСС БКның ишмердүүлүгү көрсөтүлгөн бир катар коллективдүү монографияларды, жыйнактарды, документтерди ж-а эскерүүлөрдү жарыялаган: «Кыргызстанда ленindик кооперациялык планды ишке ашырылышы» (Фр., 1976), «Кыргызстанда электрлештирүүнүн ленindик планынын ишке ашырылышы», Документтер жыйнагы (Фр., 1970), «Өнүккөн социализмге карай жолдо» (Фр., 1976), «Кыргызстан Компартиясының составынын өсүшү жана жөнгө салынышы» (Фр., 1963), «Кыргызстандагы революциялык окуялардын жана граждандык согуштун катышуучуларының эскерүүлөрү» (Фр., 1957), «Советтер бийлиги үчүн большевиктердин күрөшү» (эскерүүлөр жыйнагы, Фр., 1962), «Көчмөн калкты отурукташтыруу үчүн Кыргызстандын партуюмунун күрөшү» (Фр., 1965), «Кыргызстандын областтык партиялык уюмунун идеялык жана уюштуруучулук жактан чыдалышы» (Фр., 1966), «Кыргызстандык Советтер Союзунун Баатырлары» (Фр., 1963), «Кыргызстан Компартиясы кыргыз элинин социалисттик маданиятын өнүктүрүү үчүн күрөштө» (Фр., 1963), «Түркстанда солчул эсерлердин ойрондолушунун тарыхынан» (Фр., 1965) ж. б.

Ин-т республиканын партиялык уюмдары ж-а ил. из. мекемелери м-н бирдикте партиялык иштин тажрыйбасын жалпылайт. КПССтин азыркы кездеги агрардык саясатын турмушка ашыруу тажрыйбасын жалпылоо (материалдары «Ишенимдүү багыт менен» деген китепте жарыяланган, Фр., 1976), партияга мүчөлүктүн актуалдуу маселелери, өнүккөн социализмдин шарттарында партиянын катарларын мындан ары идеялык ж-а уюштуруучулук жактан чыңдоо б-ча илимий конференциялар өткөрүлгөн. Ин-т республикада КПСС тарыхы б-ча окумуштуу кадрларды даярдоодо маанилүү роль ойнойт. Кыргыз ССР ИА респ-каның жог. окуу жайларының м-н, о. эле Марксизм-ленинизм ин-тунун бир тууган сов. респ-калардагы филиалдары м-н тыгыз байланышып, КПССтин саясатынын ж-а тарыхынын актуалдуу маселелери б-ча изилдөөлөрдү даярдоодо алар м-н кызматташ болуп турат.

П. П. Никишов

КООМДУК ИЛИМДЕР

Тарых илимдери. Рев-яга чейинки историографиялык мурастар бир кыйла ар түрдүү, көбүнчө фактылык жактан баалуу. Тарыхый-маданий эстеликтер, а. и. түрк эпиграфикасы, чыгыш хроникалары, араб-перс ж-а батыш европалык авторлордун тарыхый-географиялык чыгармалары кыргыздардын, о. эле Кыргызстандын байыркы ж-а орто кылымдагы тарыхынын окуялары ж-дө кээ бир маалыматтарды берет. Орустун окумуштуу-саякөв, Н. Я. Бичурин, П. П. Семёнов-Тян-Шанский ж. б.)

эмгектери кыргыз элинин тарыхын үйрөнүүгө жол салган. Көрүнүктүү чыгышты изилдөөчү В. В. Бартольддун эмгектери, а. и. «Жети-Суу тарыхынын очерктери» (1898) ж. б. бир кыйла кызыктуу. Окт. рев-ясына чейин улуттук жазмасы болбогон кыргыз эли өзүнүн өткөндөгү тарыхын монументтүү эпос «Манас» училигинде, кенже эпостордо («Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Төштүк», «Кедейкан», «Кожожаш» ж. б.), о. эле тарыхый ырларда ж-а уламыштарда чагылдырган. Кыргыздын акын-демократтары Токтогул Сатылгановдун ж-а Тоголок Молдонун (Б. Абдрахманов) чыгармаларында кыргыз элинин тарыхын прогрессивдүү, элдик-демокр. тарыхый концепцияда түшүнүүгө аракет жасалган. Айрым улутчулдук позицияда турган Молдо Кылыч ж-а Осмоналы Сыдыков сыяктуу акындар өз чыгармаларында кыргыз элинин тарыхын мунун тескерисинче түшүндүрүшкөн. О. Сыдыковдун Уфада (1915) басылып чыккан «Тарихи Шабдания» аттуу тарыхый трактатында чыдыгында Шабдан манапты, аның ата-бабаларын мактоо ж-а ата тегин сүрүштүрүү м-н гана чектелген.

19-к-дын аягынан тартып, айрыкча 1905—07-жылдардагы рев-яның мезгилинде Кыргызстанда маркстик-ленindик идеялар тарала баштайт. Рев-ячыл социал-демократтар марксизм-ленинизм классиктеринин айрым чыгармаларын таратышат. Аларды пропагандалоого крайдагы орус жумушчу табынын өкүлдөрү жигердүү катышкан. Совет доорунда Кыргызстандын историографиясының түзүлүшү ж-а өнүгүшү РСФСРдин ж. б. респ-калардын (Москва, Ленинград, Ташкен ж. б. илимий борборлордун) тарых профилиндеги ил. из. мекемелериндеги коом таануу б-ча адистердин Кыргызстанды изилдөөчүлөрго берген жардамы ж-а чыгармачылык ынтымакташтыгы аркасында ишке ашкан. 20—30-жылдары сов. кыргыз таануу илимининн алгачкы пйгиликтери тарыхчылардын идеалисттик концепциядан четтөшүнө ж-а алардын тарыхый материализмдин закондорун таанын билүүсүнө, марксизм-ленинизмдин идеялык байлыгына ээ болушуна байланыштуу болгон. Кыргызмамбастын уюшулушу м-н В. И. Ленindин чыгармаларының айрымдары кытен болуп биринчи жолу кыргыз тилинде басылып чыккан (1926—28). Кийинки жылдары марксизм-ленинизм классиктеринин көп чыгармалары кыргыз ж-а орус тилдеринде бир нече ирет басылып, В. И. Ленindин чыгармалар жыйнагының 4-басылышы кыргыз тилинде жарыяланган. Партияның ж-а өкмөттүн камкордугу м-н орус окумуштууларының жардамы аркасында Кыргызстанда жерг. тарыхый даректерди жыйнап, аларды изилдей баштаган алгачкы илимий мекемелер түзүлгөн. 1924—27-ж. фольклордук ж-а тарыхый-этнографиялык материалдарды жыйноого ж-а аларды жарыялоого жетекчилик кылган. Кыргызстан илимий комиссиясы тарабынан кыргыздын «Манас» ж. б. фольклордук чыгармалары жазылып алынган. 1927-ж. В. В. Бартольд «Кыргыздар» (2-бас., 1943) аттуу тарыхый очеркин жазган. 1927-ж. Кыргызстандын Борб. музейи ачылып, край таануу ж-а аны изилдөө коомдору (1927—28), 1928-ж. Кыргыз АССР ЭКСке караштуу Кыргызстан край таануу ил. из. ин-ту (1936-ж. анын базасында Кыргыз тили м-н жазуусунун ил. из. ин-ту түзүлгөн) уюштурулган. 1932-ж. респ-каның борборунда педагогика ин-ту (1951-ж. университет болуп кайра түзүлгөн) ачылып, анын тарых факультетинде кыргыздын алгачкы тарыхчы кадрлары даярдалган. 1937-жылдан тартып Кыргызстанды тарыхый-археология жактан изилдөөлөр Кыргыз ССР ЭКСке караштуу Илимдер комитети тарабынан координацияланган.

Кыргыз историографиясының биринчи этабының түзүлүшү 40-жылдардын башында алктаган, 2-мезгил 40-жылдардан КПССтин 20-съездине — 50-жылдардын орто ченине чейин созулган, 3-мезгил кийинки жылдарды камтыйт. Тарыхый изилдөөлөрдүн негизги багыттары: Кыргызстан Октябрь соц. рев-ясынын (1917), Граждан. (1918—20) ж-а Улуу Ата Мек. (1941—45) согуштардын мезгилинде, соц. ж-а коммунисттик курулуш, коомдун тарыхый өнүгүшүнүн закон ченемдери ж-а капиталисттик формацияны аттап социализмге өтүү (Кыргызстандын, о. эле О. Азия ж-а Казакстандын чектеш областтарының материалдарының негизинде), Кыргызстандын этнографиясы ж-а археологиясы. 1943-ж. СССР ИАның Кыргыз филиалының түзүлүшү м-н анын составында Тил, адабият ж-а тарых ин-ту (ТАТИ) түзүлгөн. Бул тарых б-ча ил. из. иштерин мындан ары өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн. Кыргыз ССР ИА уюшулары м-н (1954) ТАТИден Тарых ин-ту бөлүнүп, 50-жылдардан респ-када тарыхый изилдөөлөрдүн башкы борборуна айланган. Улуу убакыттан тартып Кыргыз ССРинин историографиясындагы жаңы багыт — респ-каның тарыхынын соңку мезгилин изилдөө ылдам өнүккөн. 1950-ж. КПСС БКга караштуу МЛИнин филиалы — Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун ачылышы м-н анда тарыхый-партиялык проблемалар изилденүүдө. Мындан тышкары СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУнун ж. б. жог. окуу жайларының, а. и. Пржевальск, Ош педагогика ин-ттарының, В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика ин-тунун коомдук илимдер кафедраларының окутуучулары тарабынан Кыргызстан тарыхының түрдүү темалары иштелүүдө. 1968-жылдан бери тарых ж-а маданият эстеликтерин коргоо, аларды изилдөө ж-а пропагандалоо б-ча респ-калык коом иштейт.

Согушка чейинки мезгилде Кыргызстандын Октябрдан кийинки тарыхын изилдеп үйрөнүү б-ча 2 проблема болгон: Улуу Октябрь рев-ясы м-н Граждан. согуш ж-а респ-кадагы соц. курулуш. Кыргызстанда 1917—20-жылдарда болгон окуялар ж-дө алгачкы эмгектер көбүнчө мемуардык ж-а тарыхый-адабий мүнөзгө ээ болгон (Пишпек коммунисттеринин жетекчиси А. Иванцишдин, Д. Фурмановдун, В. Паршковдун, о. эле Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а коргоо үчүн күрөшкө жигердүү катышкан башка адамдардын эскерүүлөрү ж-а макалалары). Бирок 30-жылдардан 40-жылдардын башына чейин айтылган проблемалардын биринчиси б-ча гана өзүнчө китептер басылып чыккан, алардын авторлору (А. И. Зорин, А. Ниалло) документ даректерди пайдаланышкан. Ошол эле кезде соц. курулуштун милдеттерине ж-а практикасына байланыштуу айыл-кыштактагы социалдык-экон. мамилелер ж-а социализмге өтүү мезгилиндеги өзгөрүүлөр, кыргыз кембагалдарының абалы ж-а алардын манаптарга, о. эле кыргыз калкының чарбасындагы ж-а үй-бүлөлүк-турмуштук укладындагы патриархалдык-феод. мамилелердин калдыктарына каршы күрөшү изилденген (В. И. Буров-Петров, С. М. Абрамзон, П. И. Кушнер, П. В. Погорельский, В. С. Батраков ж. б.). М. Г. Сахаровдун а. ч-ны коллективдештирүүнүн жүрүшүндө көчмөн ж-а жарым көчмөн кыргыз чарбаларының отурукташы ж-дөгү ж-а Т. Рыскуловдун биринчи беш жылдыктардын тушунда Россия федерациясының эмгекчилеринин орус жумушчу табынын жардамы аркасында экономикада ж-а маданиятта соц. курулуштун ийгиликтери тууралуу фактылык материалдарга бай «Кыргызстан» аттуу китептери 30-жылдардын орто ченидеги Кыргызстандын историографиясындагы байкалардык коргуун болгон. Кээ бир кемчиликтерине карабастан «Кыргыз ССРинин 15 жылдыгы» (1941) деген китеп респ-каның совет мезгилиндеги тарыхы б-ча маркстик позицияда жыйынтыкталып жазылган биринчи эмгек эле. Алгачкы документ жыйнактар: «Кыргыз Автономиялуу ССРинин түзүлүшү» (1927), «ВКП(б) БК жана Союздук өкмөт Кыргызстан жөнүндө» (1937), «Кыргызстандагы 1916-жылкы көтөрүлүш» (1937) ж. б. басылып чыккан. 50-жылдардын орто ченине чейин Кыргызстандын историографиясының өнүгүшү тарыхый-этнографиялык ж-а археологиялык материалдарды топтоонун улантылышы ж-а алардын маркстик-ленindик тарых илимининн позициясында иштелип чыгышы м-н мүнөздөлгөн. 50-жылдардын биринчи жарымында сов. мезгилди изилдөөчүлөр тарабынан кыргыз элинин улуттук мамлекетин түзүү тарыхы ж-а КПССтин ленindик улут саясатының

ишке ашырылышы, кыргыз соц. улутунун калыптанышы ж-а өнүгүшү, капитализмди аттап социализмге өтүүнүн жолдору, Улуу Ата Мек. согушка Кыргызстан эмгекчилеринин катышуусу ж. б. (М. Жупусов, К. К. Орозалиев, С. Керимбаев, А. В. Казанский ж. б.) изилденген.

Кыргыз элинин маданияты тарыхый-этнографиялык аспектиде биринчи жолу С. М. Абрамзондун (1946) монографиясында каралган. Кыргыз тарыхчыларынан чыккан тарых илимдеринин биринчи кандидаты, кийинчерээк фундаменттик изилдоолордун автору Б. Жамгырчинов 1947-жылдан тартып Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушунун проблемаларын иштеп чыгууну баштаган. Крайдын тарыхынын колониялык мезгилиндеги улуттук-бошт. кыймылга бир катар изилдоочулор кызыккан. 1953-ж. май айында Фрунзеде 19-к-дын 2-жарымы — 20-к-дын башында Кыргызстандагы улуттук кыймылдын мүнөзүнө арналган илимий конф-я болуп өткөн. Анда «Кыргыз ССР тарыхы боюнча очерктердин» 1-томунун макети талкууланган. Москванын, Ленинграддын, о. эле бир туугап союздаш респ-калардын негизги адис-тарыхчыларынын катышуусу м-н иштелип чыккан конф-янын сунуштары Кыргызстандагы тарых илиминин мындан аркы нйгиликтерине көмөк көрсөткөн. О. эле кыргыз элинин келип чыгышынын аз изилденген ж-а дискуссиялык проблемасы биринчи кезекгеги чечиле элек милдеттердин катарына коюлган. Кыргыз элинин этногенезин ж-а түзүлүшүн, анын маданиятын билүү үчүн Москванын ж-а Ленинграддын көрүнүктүү чыгыш таануучулары катышкан Кыргыз комплекстик археология-этнографиялык экспедициясы (КАЭЭ, 1953—55) түзүлгөн. Анын ар тараптуу натыйжалары кыргыз элинин этногенези б-ча Фрунзеде өткөн (1956, ноябрь) илимий сессиясында ж-а экспедициянын беш томдуу эмгектеринин кийинки басылышында жыйынтыкталган. 40-жылдарда ж-а 50-жылдардын башында Кыргызстандын аймагында археологиялык изилдоолор КАЭЭден мурун жерг. адистердин катышуусу м-н А. Н. Бернштам (Ленинград) башчылык кылган Жети-Суу экспедициясы (1936—39) ж-а Чоң Чүй каналындагы археологиялык көзомол экспедициясы (1941), Тянь-Шань — Алай (1944—47), Тянь-Шань (1949), Чаткал (1950—51) ж-а Памир — Фергана (1950—51) археологиялык экспедициялары тарабынан жүргүзүлгөн. Ошол изилдоолордун негизинде 2 китептен турган «Кыргызстан тарыхы» деген жалпылоочу коллективдүү эмгек (1956) түзүлгөн. Ал Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-ту тарабынан Москванын ж-а Ленинграддын тарыхчылары м-н чыгармачыл байланышта даярдалган. Бул китепте Кыргызстандын байыркы доордон биздин күндөргө чейинки тарыхы ыраатуу чагылдырылышынын нйгиликтери байкалган м-н КПССтин 20-съездине чейинки Кыргыз ССРинин историографиясында да бир катар кемчиликтер бар экени билинди.

Кыргызстан ж. б. респ-каларда тарых илиминин өнүгүшүнүн кийинки — партиянын 20-съездинен 26-съездине чейинки мезгили респ-када соц. ж-а коммунисттик курулуштун азыркы кездеги проблемалары б-ча ири монографиялардын, партиялык съезддердин ж-а идеологиялык маселелер б-ча КПСС БКнын ж-а Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин токтомдорунун идеяларына каныккан эмгектердин жарыкка чыгышы м-н белгиленди. Крайда Улуу Октябрга даярдык көрүү ж-а анын жеңиши, жетилген социализмдин түшунда респ-канын көп кырдуу тарыхы сыяктуу ири комплекстүү проблемалар тарыхчыларды айрыкча кызыктырган. Кыргызстанда Улуу Октябрдын жеңишинин социалдык-экон. ж-а саясий өбөлгөлөрүн, шарттарын нйгиликтүү изилдоо улантылды. А. Г. Зима ж. б. авторлордун монографияларында Кыргызстандын эмгекчилеринин Совет бийлиги үчүн кажыбас күрөшү, жер-жерлерде Совет бийлигин орнотууда партиянын жетекчи ролу ачылып көрсөтүлдү. Аларда Окт. рев-ясынын крайдагы жеңишинин закон ченемдери, падышачылыктын мурдагы артта калган колониялык чет-жакасынын шарттарында алгачкы соц. кайра түзүүлөрдү жүргүзүүдөгү өзгочолуктор ж-а кыйынчылыктар иликтенген. Гражд. согуштун ж-а чет өлкөлүк интервенциянын мезгилиндеги Кыргызстан тууралуу П. П. Никитов, С. Б. Жантуаров ж. б-дын эмгектеринде Окт. рев-ясында, 1918—20-жылдардагы Гражд. согуштун учурунда соц. Ата Мекенди коргоодо, басмачыларды ж-а контррев-ячыл козголоңдорду талкалоодо аймактагы бардык улуттардын эмгекчилеринин баатырдыгы ж-а алардын катышуусу, о. эле бул ар тарапгуу проблеманын башка аспектилери да чагылдырылган.

Кыргызстанда соц. кайра түзүүлөрдүн баштапкы этабынын историографиясы В. П. Шерстобитовдун «Кыргызстандагы жаңы экономикалык саясат», «Ленин жана Советтик Чыгыштын дыйкандары» деген көп пландуу жалпылоочу монографияларында көрсөтүлгөн. Кыргыз айылындагы тап күрөшүнүн тарыхы, о. эле чарбалык ж-а сов. курулуштун кээ бир жактары, респ-калык жерг. партиялык уюмдардын 1921—25-жылдардагы иштери Б. Чокушов ж. б. авторлор тарабынан изилденген. Соц. индустрияпаштыруу проблемасы, анын нйгиликтери, кыйынчылыктары ж-а этаптары, мурда артта калган агрардык-колониялык аймактагы жалпы закон ченемдин ж-а спецификалык өзгочолуктордун көрүнүшү Кыргызстандын историографиясында маанилүү орунду ээлейт. Тарыхчылардын бир катар эмгектеринде электрлештирүүнүн лениндик идеяларынын ишке ашырылышы ж-а о. ж-дагы илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү, согуштан кийинки беш жылдыктарда о. ж. өндүрүшүн өнүктүрүү ж-а жогорулатуу үчүн күрөштө көп улуттуу жумушчу табынын, профсоюздардын ж-а Кыргызстан Компартиясынын ролу көрсөтүлгөн. Ө. ж-лык айрым ишканалардын ж-а коллективдердин эмгекчилеринин соц. мелдешинин тарыхы С. Аттокуров, Х. М. Мусин, Д. Малабаев, Ш. Х. Шириязданов, Б. Д. Чыймылова, А. Канимотов ж. б-дын монографиялык изилдоолорүндө, о. эле 50-жылдардын 2-жарымында басылып чыккан бир катар коллективдүү жыйнактарда чагылдырылган. 1917—65-жылдарда Кыргызстандын жумушчу табынын калыптанышы ж-а өнүгүшүнүн тарыхы б-ча коллективдүү эмгек (1966) түзүлгөн. Ш. Х. Ширияздановдун «Кыргызстандын жумушчу табы өнүккөн социализмдин мезгилинде» деген монографиясы (1979) аны тематикалык ж-а хронологиялык жактан улантат. Айыл-кыштактагы социалдык-экон. мамилелерди кайра түзүүлөр ж-до изилдоолор 30-жылдарга караганда 50-жылдардын 1-жарымында кыйла терең жүргүзүлгөн, респ-када а. ч-ны коллективдештирүүнүн өбөлгөлөрү изилденип үйрөнүлгөн. Кыргызстанда кооперациялык-колхоздук курулуштун башталышы, 20—30-жылдарда аймактагы жер-суу реформалары ж. б. тарыхчылардын көңүлүн бурган. Басылып чыккан бир катар монографияларда көчмөн ж-а жарым көчмөн мал багуучу чарбаларды отурукташтыруу үчүн Кыргызстандын парт. уюмунун күрөшү ж-а лениндик кооперация планынын негизинде а. ч-сын туташ коллективдештирүүнүн нйгиликтери көрсөтүлөт. Совет бийлигинин түшунда а. ч-сынын жалпы өнүгүшүнүн тармактар ж-а этаптар б-ча, а. и. КПСС БКнын Март (1964) пленумунан берки мезгилде өнүгүшүнүн тарыхы, о. эле айрым а. ч. артелдери м-н совхоздордун тарыхы активдүү иштелип чыгууда. Маселен, С. Ильясов, Б. Байбулатов, К. Сулайманов, И. Ибраимов, Ж. Бактыгулов ж. б-дын изилдоолорүнүн тематикасы мына ушундай. Кыргызстандын сов. дыйкандары ж-до коллективдүү ири монография (1972) жалпылоочу изилдоо болуп саналат. Кыргыз дыйкандарынын турмушундагы, тиричилигиндеги ж-а маданиятындагы өзгөрүүлөр этнографтардын «Кыргызстандын Даркан жана Чычкан айылдарындагы колхозчулардын жашоо тиричилиги» (1958) аттуу коллективдүү эмгегинде, «Карл Маркс атындагы колхоз жөнүндө тарыхый-этнографиялык очерктө» (1965, кыргыз тилинде),

«Кетмен-Тоболук кыргыздардын маданияты жана жашоо тиричилиги» (1979) деген макалалар жыйнагында ж. б. көрсөтүлгөн.

60—70-жылдардагы Кыргыз ССРинин историографиясынын эң бир айырмаланган өзгочолуктөрүнүн бири — көп изилдоочулордун падышачылыктын өтө артта калган колониясында маданий рев-яның лениндик идеяларын турмушка ашыруу жагын терең жана ар тараптуу илимий изилдоосу. Соц. кайра түзүүлөрдүн өзгочолуктөрү, Совет бийлигинин тушунда респ-кадагы маданий курулуштун нйгиликтери үйрөнүлүп жатат. Илимдин ж-а анын бардык тармактарынын жетишкендиктери «В. И. Ленин жана Советтик Кыргызстандын илими» (1970), «Советтик Кыргызстанда илимдин өнүгүшү» (1962), «Кыргыз ССРинин илимдер академиясы» (1979) деген коллективдүү эмгектерде, о. эле К. Каракеевдин «Улуу Октябрь жана Кыргызстандын илими» (1977) деген монографиясында жыйынтыктап ачылып берилет. Маданиятты изилдоочулор элге билим берүүнүн ж-а жогорку мектептин, саламаттык сактоонун тарыхына, жаңы сов. интеллигенциянын калыптануу ж-а өнүгүү жолдоруна, методдоруна көңүл бурушат. К. Каракеев, А. Алтымышбаев, А. Канимотов, И. Э. Измайлов, С. А. Токтогонов, И. А. Соктоев, С. С. Данияров, Э. Маанаев ж. б-дын эмгектеринин темалары негизинен ушул маселеге арналган. Маданий курулуштун ж-а анын айрым тармактарынын тарыхы б-ча докладдардын ж-а материалдардын бир катар жыйнактары басылып чыккан. Кыргыз элинин соц. кайра түзүлүшүн, рухий ж-а материалдык турмуштагы улуттук өзгочолуктөрүн ж-а интернационалдык жалпылыктарын изилден жатышкан этнографтардын иштери мына ушул проблемаларга арналган. СССР ИАнын Этнография ин-ту тарабынан басылып чыккан «Орто Азиянын жана Казакстандын элдери» («Дүйно элдери» сериясы, 1963) деген эки томдуктагы кыргыздар ж-а респ-канын башка элдери ж-дөгү очерктер бир кыйла тарыхый этнографиялык кызыгуу туудурат. Кыргыз элинин салттык маданиятын ж-а колдонмо өнөрүн изилден билүүдөн тышкары (Т. Д. Баялиева, К. И. Антипина ж. б.) этнографтар, о. эле Кыргызстанда жашап турган бардык улуттардын ар тараптуу жакындашуусу, эмгекчилердин турмушундагы ж-а маданиятындагы интернационалдык ж-а коомдук белгилердин өсүшү м-н мүнөздолгон респ-кадагы азыркы этностук процесстерди да изилден жатышат.

50-жылдардын акырынан тартып Кыргызстанда улуттук-мамл. курулуштун тарыхын ургаалдуу изилден билүү улантылган. Кыргызстандын Советтеринин тарыхы Д. Малабаевдин эмгектеринде көрсөтүлгөн. Бир катар изилдоолордо кыргыз элинин капитализмди аттап социализмге өтүүнүн тарыхый тажрыйбасы жалпылаштырылат; анын илимий-практикалык зор мааниси бар. «Советтик Кыргызстанда пролетардык интернационализмдин жана элдердин достугунун идеяларынын салтанаты» (1957), «Кыргызстан ССР элдеринин бир туугап үй-бүлөсүндө» (1972) деген коллективдүү эмгектер кыргыз, орус ж-а СССРдин башка элдеринин лениндик достугун ж-а бир туугандык кызматташтыгынын чыңдалуусуна ж-а өнүгүшүнө арналган. Т. Усубалиевдин «Ленинизм — элдердин достугунун жана бир туугандыгынын улуу булагы» (1974), «Эл достугу — биздин баа жеткис жеңишибиз» (1977) ж. б. эмгектери проблемалардын кеңири чөйрөсүн камтыйт.

1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мек. согушта СССРдин жеңишине Кыргыз ССРинин эмгекчилеринин салымын көрсөткөн монографиялык эмгектер ж-а документтер жыйнактары Кыргызстандын историографиясында өзгөчө барактуу түзөт. С. Керимбаевдин «Советтик Кыргызстан 1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта» (1980) деген монографиясы — респ-када бул проблеманы алгачкы изилдоочулордун биринин көп жылдык изденүүсүнүн натыйжасы. Өнүккөн соц. коомду куруу үчүн ССР Союзунун бардык бир туугап элдери м-н бирдикте Кыргызстандын эмгекчилеринин күрөшүнүн темасына окумуштуулардын көңүлү бурулууда. Бул проблемалар б-ча тарыхый эмгектердин мазмуну хронологиялык жактан 50-жылдардын аягын ж-а 70-жылдардын ортосун камтыйт. Респ-канын бул мезгилдеги көп түрдүү тарыхы, андагы тарыхый процесстин айрым жактары ж-а кубулуштары С. Табышалиев («Лениндик жол менен», 1970), К. К. Орозалиев («Кыргыз элинин капитализмди аттап, социализмге өтүүнүн тарыхый тажрыйбасы», 1979), Ж. С. Татыбекова («Советтик Кыргызстандын аялдары социализм жана коммунизм үчүн күрөштө», 1967) ж. б. авторлордун бир катар монографияларында, о. эле «Советтик Кыргызстандын эмгекчилери коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү үчүн күрөштө» (1974), «1959—70-жылдардагы Советтик Кыргызстандын социалдык өнүгүшүнүн очерктери» (1974) ж. б. коллективдүү эмгектерде чагылдырылган. Респ-када соц. ж-а коммунисттик курулуштун теориялык ж-а практикалык маанилүү маселелери «Кыргыз ССРинин тарыхы» (2-бас., 1963; 3-бас., 1968) ж-а «Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери» (1-бас., 1966; 2-кайра иштелип бас., 1979) сыяктуу жалпыланып жыйынталган басылмалардын тийиштүү бөлүмдөрүндө, главаларында комплекстүү көрсөтүлгөн. 50-жылдардын аягынан тартып Кыргызстандын жаңы заманда гы тарыхынын көп проблемалары, а. и. Россиянын составына Кыргызстандын ыктыярдуу кошулушунун процесси ж-а анын көп түрдүү тарыхый натыйжалары сыяктуу проблемалар жигердүү иштелип чыккан. Буга Б. Жамгырчиновдун эмгектери, о. эле А. Хасановдун, К. Усонбаевдин, В. М. Плоскихтин монографиялары арналган.

Кыргызстандын экономикасынын 19-к-дын 2-жарымы — 20-к-дын башында бүтүндөй ж-а тармак б-ча өнүгүшү, айылдагы ж-а келгиндердин кыштактарындагы социалдык-экон. мамилелер, падышачылыктын аймактагы агрардык ж-а салык салуу саясаты С. Ильясов, М. П. Вяткин ж. б. тарабынан изилденген. Капиталисттик мамилелердин орношунун ж-а өнүгүшүнүн проблемасы «19-кылымдын аягында — 20-кылымдын башында Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулушу жана капиталисттик мамилелердин пайда болушу» (1970) ж-а «Кыргызстандын социалдык-экономикалык укладдарынын тарыхына карата» (1972) деген коллективдүү эмгектерде баяндалат. Булар К. Усонбаевдин «19-кылымдын 2-жарымында — 20-кылымдын башында Кыргызстандын коомдук-экономикалык мамилелери жөнүндө», В. Я. Галицкийдин «1878—1917-жылдардагы Пишпек шаарынын тарыхы» деген эмгектеринде да айтылат. Кыргызстанда улуттук-бошт. ж-а рев-ялык кыймылдын каармандык мезгили А. В. Плясовский, А. Г. Зима, К. Усонбаев ж. б. тарабынан натыйжалуу изилденген. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында маданияттын, коомдук-саясий ойдун өнүгүшү ж-а Россиянын алдыңкы демокр. маданиятынын таасири, Кыргызстанды алгачкы илимий жактан изилдоо, Кыргызстандын тарыхын, чарбасын, маданиятын ж-а тиричилигин иликтоого орус саякатчыларынын кошкон салымы А. Алтымышбаев, А. Чукубаев, Д. Айтмамбетов, Ш. Кадыров, А. Канимотов ж. б. тарабынан үзүрлүү иштелип чыккан. О. эле «Орус окумуштуулары жана саякатчылары кыргыздар жөнүндө» (1972) деген жалпылаган коллективдүү изилдоо басылып чыккан.

10-к-дан 14-к-дын 1-жарымына чейинки Кыргызстан ж-догу маалыматтарды камтыган араб, перс ж-а түрк тарыхый-геогр. чыгармаларын тонтоо ж-а иштеп чыгуу улантылууда. Кыргызстандын историографиясында аз изилденген ушул мезгил б-ча К. И. Петров, Ө. Караев ж. б-дын эмгектеринде удаа кыргыз ж-а ленинграддык окумуштуу-чыгыш таануучулар тарабынан даярдалган «Кыргызстандын жана кыргыздардын тарыхы боюнча материалдардын» (1973) 1-чыгарылышы жарыяланды. Байыркы ж-а орто кылымдагы Кыргызстандын даректери б-ча коллективдүү монография даярдалууда. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда 1976-ж. түзүлгөн ар-

хеографиялык экспедиция тарабынан Кыргызстандын жерг. калкынан негизинен 18—19-к-дарга тиешелүү араб, парс ж-а түрк тилдериндеги 500дон ашуун эски китептер жыйналган. Аларда кыргыздардын чарб. иштери, коштулары м-н саясий ж-а маданий мамилелери ж-дө бир далай тарыхый маалыматтар бар. Уникалдуу ж-а баалуу табылгалардын акыркы археографиялык табылгаларынын арасында, маселен, 15-к-дагы араб грамматикасы б-ча Жаминин кол жазмасы бар. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун археологдору ин-т түзүлгөн мезгилден бери СССР ИАнын Археология ин-ту ж-а Мамл. Эрмитаж м-н бирдикте Борб. Тянь-Шанда, Ысык-Көлдүн жээгинде ж-а Алайда, тоо этектеринде ж-а Чүй, Талас, Чаткал, Нарын, Кетмен-Тобо ж. б. дарыялардын өрөөндөрүндө чалгындоо ж-а стационардык казуу жумуштарын жүргүзүштү. Эң жакшы курулуштардын (Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтеринин ж. б.) аймактары, о. эле Киров, Анжиян, Папан, Токтогул суу сактагычтарынын суунун астында калуучу зоналары археологиялык жактан изилденген. 1955—80-ж. ичинде Кыргызстанда алгачкы адамдар жашаган жерлер, кочмондордун дөбөго айланган байыркы көрүстөндөрү, шаарлар, кыштактар, алгачкы, соңку о. кылымда отурукташкан-дыйканчылык кылган калктын архитектуралык эстеликтери ачылган. Ю. А. Заднепровский, П. Н. Кожемяко, И. Кожомбердиев, Д. Ф. Виник ж. б. археологдор тапкан материалдар Кыргызстандагы байыркы коомдордун социалдык-экон. түзүлүшүн, кыргыз элинин тарыхын ж-а маданиятын, иск-восун, диний ишенимин ж-а ырым-жырымдарын, Орто ж-а Борб. Азиянын элдери м-н алардын өз ара мамилелерин, чарб.-маданий байланыштарын ж-а Кыргызстандын тарыхый өткөндөгүсүн, о. эле ж. б. маанилүү маселелерди баамдоого мүмкүндүк берип жатат. Кийинки он жылдын ичинде археологдордун иштеринин кээ бир алгачкы жыйынтыктары «Кыргызстандын тарыхынын жана материалдык маданиятынын баректары» (советтик мезгилге чейин, 1975), «Ысык-Көлдүн жээгиндеги археологиялык эстеликтер» (1975), «Кетмен-Тобо. Археология жана тарых» (1977) сыяктуу басылмаларда, о. эле жыл сайын чыгуучу «Археологиялык ачылыштар» деген жалпы союздук жыйнактын беттеринде да баяндалган.

Байыркы тыйындардын кийинки 25 жылда белгилүү болуп калган кенчтеринен ж-а алардын айрым табылгаларынан (биздин доордун башындагы римдик ж. б. ботөн элдик тыйындар, 7—8-к-дардагы түргөн чойресүнүн, 10—12-к-дардагы караханилердин ж-а 19-к-дын 1-жарымындагы кокон тыйындары ж. б.) нумизматтар алышкан тарыхый маалыматтар да кызыгууну пайда кылууда. 50-жылдардын акырында табылган эпиграфика эстеликтери — 9—10-к-дардагы согд жазуулары, 10-к-дагы арабча жазылып, кор үстүнө коюлган саганаташтар ж-а 13—14-к-дардагы сиро-түрк жазуулары ж-дө биринчи макалалар жарыяланган. Нумизматтык ж-а эпиграфикалык даректердин илимий колдонууга жаңы киргизилген маалыматтары б. а. 1-к-дарынан баштап, коңшу өлкөлөр ж-а элдер м-н Кыргызстандын калкынын соода, саясий ж-а маданий байланыштары ж-дө тарыхый кабарлардын чойресүн бир кыйла кеңейтүүдө. 50-жылдардын ортосунан тарыхчылардын, айрыкча респ-канын жогорку окуу жайларындагы коомдук илимдер кафедраларынын окутуучуларынын СССРдин рев-ya чейинки ж-а сов. доордогу тарыхынын проблемаларына, байыркы замандан азыркы заманга чейинки жалпы тарыхтын айрым окуяларына карата кызыгуусу күчөөдө. Кыргызстандын историографиясы жагында В. П. Шерстобитовдун, К. К. Орозалиевдин, Д. Ф. Виникгин «Советтик Кыргызстанда тарых илиминин тарыхынын очерки (1918—60)» деген китеби басылып чыкан. Тарых, археология ж-а этнография б-ча библиографиялык иштер Кыргыз ССР ИАнын Борб. илимий китепканасында ж-а Н. Г. Чернышевский атн. респ-калык китепкананын улуттук библиография болумүндө ырааттуу жүргүзүлөт, алар З. Л. Амитина-Шапиронун биринчи библиографиялык эмгектеринө удаа бир катар библиографиялык корсоткүчтөрдү чыгарышкан.

70-жылдарда Сов. Кыргызстандын тарыхы, анын экономикасы ж-а маданияты б-ча документтер м-н статистика жыйнактарын басуу кыйла күчөтүлгөн, алардын Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-ту, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин караштуу Партия тарыхы ин-ту, о. эле Кыргыз ССР Борб. статистика башкармасы м-н бирдикте Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу Архив башкармасы басып чыгарган. Акыркылардын арасында Кыргызстанда Улуу Октябрдын жеңиши ж-дө, 1924—37-жылдарда Сов. Кыргызстандын мамл. курулушу ж-дө, респ-када соц. ж-а коммунисттик курулуштун мезгилинде кыргыз, орус ж. б. элдердин достугу ж-а өз ара жардамы ж-дө докладдар м-н материалдардын жыйнагы белгилүү. «КПСС жана Совет өкмөтү Советтик Кыргызстан жөнүндө (1924—1974)» деген документтер жыйнагынын жарыяланышынын (1971) өзгөчө маанисн бар. Булар ж. б. басылмалар 50-жылдардын 2-жарымында Кыргызстанда тарыхый изилдөөлөр үчүн ил. булак базасын алда канча кеңейтти. Респ-канын тарыхчылары респ-калык, региондук, бүткүл союздук ж-а эл аралык ар түрдүү илимий форумдарга «Социализмдин өнүгүшүнүн жана коммунизмге өтүүнүн закон ченемдүүлүктөрү» деген проблема б-ча илимий сессиянын ж-а «Совет эли өнүккөн социализмди жана коммунизмди куруунун азыркы кездеги этабында» (Фрунзе, 1963 ж-а 1977) деген ил.-теориялык конф-ялын ишине активдүү катышты. Алар чыгыш таануучулардын 25-эл аралык конгрессинде (1960), антропология ж-а этнография илимдеринин 9- ж-а 10-эл аралык конгресстеринде, тарых илимдеринин 15-эл аралык конгрессинде (1980), Кушан проблемасы б-ча ЮНЕСКОнун эл аралык конф-ясында советтик тарых илиминин татыктуу өкүлдөрү болушту. Сов.-румыниялык тарыхчылардын (1978), коомдук илимдер жагында сов.-венгриялык комиссиянын сессияларынын ж. б. ишине катышышты. Кыргызстандын тарыхчыларынын катышуусу м-н региондук ж-а жалпы союздук тематика б-ча жакшы баага татыктуу болгон эмгектер түзүлдү. Алардын ичинде «Орто Азиянын коммунисттик уюмдарынын тарыхынын очерктери», «Капитализмди аттап социализмге карай», «Орто Азияда жана Казакстанда Совет бийлигинин жеңиши», «Пролетардык интернационализмдин лениндик идеяларынын салтанаты», «Азыркы этапта СССРдеги улут мамилелери» ж. б. бар. Респ-канын тарыхчыларынын чыгармачылык жактан жетилиши «Кыргыз ССРи тарыхынын» кеңейтилген жаңы 4-басылышын ж-а азыркы кездеги коммунисттик курулуштун илимий-актуалдуу проблемалары ж-а Октябрга чейинки тарыхтын аз иштелип чыккан темалары б-ча башка ири изилдөөлөрдү даярдоого киришүүгө мүмкүндүк берүүдө.

А. Каимеров, В. Я. Галицкий

Философия илимдери. Респ-када философиялык изилдөөлөр кыргыз элинин философиясынын ж-а коомдук-саясий оюнун тарыхынын маселелерин изилдөн үйрөнүүдөн башталган; изилдөөлөр негизинен 2 багытта жүргүзүлөт: Кыргызстанда марксизм-ленинизм идеяларынын таралышы, анын бекемделишинин проблемаларын иштеп чыгуу; кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а философиялык ойлорунун мүнөздүү белгилерин ачып берүү. Академик А. Алтымышбаевдин, о. эле респ-канын бир катар философтору м-н тарыхчыларынын эмгектери («В. И. Ленин жана Кыргызстанда марксизмди пропагандалоо», 1967, ж. б.) марксизм-ленинизм идеяларынын таралуу тарыхынын маселелерине арналган. Бул эмгектерде маркстик-лениндик идеялардын крайда таралышынын негизги факторлорун, илимий коммунизмдин идеяларын пропагандалоодо орус жумушчу табынын алдыңкы өкүлдөрүнүн ролун талдоого айрыкча көңүл бурулуп келет. Аларда маркстик-лениндик идеялардын таралышынын тарыхы, өнүгүүнүн капиталисттик эмес жолунун проблемаларын ж-а соц. маданияттын калыптануу маселелерин изилдөө

м-н тыгыз байланышта чагылдырылат, маркстик-лениндик идеологиянын буржуазиялык идеологияга каршы күрөшүнүн ж-а аны жеңишинин жалпы көрүнүшү баяндалат, илимий коммунизмдин идеяларынын материалдык күчкө айланышынын диалектикасы ачылып берилет. А. Какеевдин изилдөөлөрү («Социалисттик коомдук ак-сезимдин калыптанышы», 1979, ж. б.) бул теманын маанилүү аспектилерине арналып, аларда Кыргызстанда марксизм-ленинизмдин идеяларынын таралышынын тарыхый мезгилдеринин өзгөчөлүктөрү, бул идеяларды пропагандалоонун жалпы ж-а спецификалык формалары аныкталат, Кыргызстан Компартиясынын респ-када марксизмдин-ленинизмдин жеңишин үчүн күрөшү көрсөтүлөт, өнүккөн социализмдин мезгилинде марксизмдин-ленинизмдин идеяларын пропагандалоонун азыркы кездеги этабын талдан билүүгө тийиштүү орун берилет. Кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а философиялык оюнун проблемаларын ырааттуу түрдө изилдөө болжол м-н 1950-жылдан башталган. 1951-ж. кыргыз философтору 19-к-дын акырындагы — 20-к-дын башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а философиялык оюнун өнүгүшүнүн тарыхына арналган макаланы жарыялашат (А. Алтымышбаев, А. Давлеткелдиев, М. Жунусов). Ал кийинчерээк толукталып, «СССР элдеринин философиялык ж-а коомдук-саясий оюнун тарыхы б-ча очерктеринин» (1956) 2-томуна киргизилген. Анда көтөрүлгөн негизги проблемалар А. Алтымышбаевдин эмгектеринде андан ары ырааттуу ж-а максатка ылайык иштелип чыккан («Октябрь жана кыргыз элинин коомдук ак-сезимининн өнүгүшү» (1980). Элдин дүйнө түшүнүүсүн өзгөчө формада чагылдырылган элдик оозеки чыгармачылыгынын маселелери да тарыхый-философиялык проблемалардын составдык бөлүгү болуп саналат.

Тарыхый материализм жагында изилдөөлөр проблемалардын кеңири чойресү б-ча жүргүзүлөт: Советтик Чыгыштын мурда артта калган элдеринин коомдук өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап, социализмге өтүшүнүн закон ченемдерин ж-а формаларын, ички ж-а тышкы факторлорун, объективдүү ж-а субъективдүү шарттарын ачып берүү ж-а бул маселени чечүүнүн эл аралык мааниси (А. Алтымышбаев, М. Жунусов, С. Жумагулов ж. б.); улуттук мамилелердеги ар түрдүү тенденцияларга, социализмди ж-а коммунизмди куруунун жүрүшүндө алардын өз ара мамилесине, улуттардын келечекте өнүгүү перспективаларын талдоо (А. Табалдиев, А. И. Нарынбаев, А. П. Борзых ж. б.); өнүгүүнүн улуттук (айрым, өзүнчө) ж-а интернационалдык (жалпы) диалектикасын ачып берүү (Р. Ачылова ж. б.); коммунисттик тарбия берүүнүн учурдагы маселелери (А. К. Карыпкулов, В. А. Пеков); совет элинин экономикалык, социалдык ж-а рухий турмушун интернационалдаштыруу тенденциялары (М. Султашева), о. эле артта калган ж-а прогрессивдүү салттар м-н үрп-адаттардын өз ара мамилелери (К. Исмаилов, А. Рахманова, А. Топчуев ж. б.); адамдардын ак-сезиминде өткөндүн калдыктарынын сакталып калышынын себептерин түшүндүрүү, аларды жоюунун жолдору; кыргыз элинин — жумушчу табы м-н колхоздук дыйкандарынын соц. ак-сезимининн калыптануу проблемаларын иштеп чыгуу (Н. Мамбеткеримов). Социалдык психология б-ча: кыргыз элинин психологиясынын түп тамырынан өзгөрүшү, социализмди куруу процессинде СССР элдеринин психологиясында жалпы белгилердин пайда болушу; жумушчу табынын, колхоздук дыйкандардын коомдук психологиясынын калыптануу жолдору ж-а сов. интеллигенциянын рухий дүйнөсүнүн социалдык-психологиялык аспектилери (Ж. Саданбеков, Ш. М. Ниязалиев); сов. коомдун социалдык структурасынын өзгөрүшүнүн ж-а совет элинин жаңы тарыхый жалпылык катары закон ченемдерин изилдөө (Я. А. Рисс, А. Карыпкулов, Б. Кулматов, С. Жумалиев ж. б.); социализмди ж-а коммунизмди куруунун жүрүшүндөгү объективдүү ж-а субъективдүү шарттар м-н факторлордун өз ара байланышын ж-а субъективдүү факторлордун ролунун өсүшүн ачып берүү (Н. Я. Замятин); конкреттүү-социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү (КМУнун алдындагы социологиялык лаборатория). А. И. Нарынбаевдин изилдөөлөрү («Коммунизмди куруу мезгилинде СССРдеги улуттук мамилелердин өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрү», 1970), А. Табалдиевдин («Советтик коомдо улуттардын ж-а улуттук мамилелердин өнүгүшүндөгү эки тенденциянын диалектикасы», 1971) эмгектери тарыхый материализмдин актуалдуу проблемаларына арналган. Айрым авторлор диалектикалык ж-а тарыхый материализмдин танаштаи проблемаларын ж. б. чечүү жагында иштеп жатышат (Т. Ж. Каракеев, «Социалдык өнүгүүнүн диалектикасынын семантикалык аспектери», 1978). Маркстик-лениндик этиканын актуалдуу теориялык ж-а практикалык проблемаларын иштеп чыгуу маселеси жакыдан гана башталып баскычында турат. Кыргыз философтору экон., социалдык ж-а рухий кайра түзүүлөрдүн таасири астында эл массасын ж-а инсанды өткөндүн калдыктарынан бошотуу процессинде коммунисттик адеп-ахлактуулукту калыптандыруу маселелерине көбүрөөк көңүл бөлүп жатышат. Бир катар эмгектерде этиканын категориялары ж-а моралдык-этикалык маселелер талданат (И. Кулматов). 60-жылдардын башынан тартып эстетика б-ча да ырааттуу изилдөөлөр жүргүзүлүп келе жатат. А. Салиевдин «Ырдагы өмүр» деген монографиясында (1962) ж-а анын макалаларынын бүтүндөй сериясында поэтикалык персонин мацызы эстетикалык көрүнүш катары чагылдырылып, асылдуулуктун турмуштагы ж-а иск-водогу ар түрдүү аспекттери, о. эле көркөм чыгармачылыктын формаларынын ар түрдүүлүгү баяндалат. Ушул эле эмгектерде коомдун көркөм маданияттынын бир катар маселелери каралган. Иск-водо чындыкты чагылдыруунун өзгөчө ыкмалары, анын айрым формаларынын реалдуулуктун формалары м-н шайкеш келбөө закондору Т. Аскаровдун «Искусстводогу шарттуулуктун табияты» (1967) деген китебинде баяндалган. Автордук кабылдоонун ролу К. Матиевдин «Искусстводогу лирикалык көрүнүш — эстетикалык көрүнүш» (1971) деген эмгегинде изилденген. Көркөм чыгармачылыктын спецификалык закон ченемдери К. Молдобаевдин «Акыл-демократтардын чыгармачылыгындагы элдүүлүк принциби» (1963) аттуу китебинде мүнөздөлгөн. А. Салиевдин «Адам психологиясы жана искусство» (1978) деген монографиясы өзүнүн жалпы гносеологиялык проблемалардын дээрлик зор тобуна багытталганындай эле адамдардын ички дүйнөсүнүн көркөмдүк жактан ишке ашырылышынын татаал аспектисин ачууга арналган. Социализмдин шарттарында улуттардын рухий байлыктарынын жакындашуу процесси «Искусстводогу улуттук жана интернационалдык көрүнүш» (1973) аттуу жыйнакта, Т. Тургуналиевдин «Маданият биримдиги» (1977) ж-а О. Исмаиловдун «Совет элдеринин көркөм маданият чойресүндөгү интеграциялануу маселелери» (1980) деген китептеринде баяндалат. Фольклордун, азыркы кездеги иск-воespecially ж-а көркөм тарбиянын эстетикалык проблемаларын С. Карымшаковдун «Көркөм чыгармачылыктын табияты» (1977), А. Модетбековдун «„Манас" эпосундагы асылдуулук проблемасы» (1977) аттуу эмгектеринде чагылдырылган.

Илимий атеизм проблемаларын иштеп чыгууда адегенде ислам дининин маселелерин изилдөөгө көбүрөөк орун берилген (С. Үсенов, М. Абдылдаев ж. б.). Илимий атеизм диндин догмаларын, диний ырым-жырымдарды сындоо жагындагы изилдөө проблемаларынын кеңири чойресүн камтыйт: кыргыздардын исламга чейинки ж-а исламдык диний ишенимдеринин калдыктарынын синкретизми, исламдын идеологиялык табияты ж-а Кыргызстандагы мусулман сектачылыгы, исламдын калдыктарынын азыркы кездеги көрүнүштөрү, аларды жоюунун ачык-айкын жолдору, диний түшүнүктөрдүн аялдар арасында консервацияланышынын

өзгөчөлүктөрү, салттардагы улуттук ж-а диний перселердин, исламдын калдыктарынын системасындагы ишеним м-н ырым-жырымдардын өз ара катышы, кыргыз эл чыгармачылыгындагы атеизмдин элементтери ж. б. Илимий атеизм багытындагы бир катар эмгектер диний сектанттык коомдордун идеологиясын сыпдоого (Б. И. Гальперин, А. Доев, А. Белимов) ж-а буржуазиялык фальсификаторлордун бетин ачууга (Г. Безазычный) арналган. О. эле атеисттик тарбия берүүнүн мазмунун ж-а методдорун оркүндөтүү маселелери, Совет бийлигинин жылдарында кыргыз элинин дүйнө атеисттик көз карашын калыптандыруунун жолдору да изилденип жатат (С. Доржепов, «Кыргыз элинин дүйнө атеисттик көз карашынын калыптанышынын тарыхынан», 1974). Илимий атеизмдин жогорку окуу жайлар аралык кафедрасынын макалалар жыйнактарында да контогон актуалдуу маселелер чагылдырылып турат.

Диалектикалык материализмдин актуалдуу маселелерин изилдөө — Кыргызстандын философторунун ишиндеги башкы багыттардын бири. 1961-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-тунун диалектикалык материализм секторунда диалектиканын табигый-техникалык ж-а гуманитардык илимдердин жалгашкан чегинде келип чыккан маселелерин (жаратылыш, чыпдык, ац-сезим, тил ж-а мамилелешүү, ойломдун, мамилелешүүнүн ж-а түшүнүүнүн философиялык-психологиялык аспектилери ж. б.) изилден үйрөнүү башталган (А. А. Брудный, «Тилдин семантикасы ж-а адамдын психологиясы», 1972; С. Аманов, Р. Шералиева ж. б.). Ин-ттун эстетика ж-а искусство таануу секторунун кызматкерлери да социалдык диалектиканын проблемаларынын үстүндө иштен жатышат. А. Салиевдин «Ой деген эмне?» (1970), «Ойлоо система катарында» (1974) деген монографияларында акыл процессинин таатаал ж-а закон ченемдүү-уюштурулган мүнөзү ж-а анын ар түрдүү фазалары м-н деңгээлдеринин арасындагы байланыштары ачылып көрсөтүлгөн. Ойломдун терең пландарын илимий түшүнүү үчүн автор тарабынан «божомолдоп ойлоо деңгээли» ж-а «ац-сезимдин ички аракети» деген түшүнүктөр киргизилген. Китепте, о. эле көркөм элестетүүлөрдүн ой жүгүртүүчүлүк мацысына да анализ берилет. 70-жылдарда марксчик философиянын, а. и. материалисттик диалектиканын айрым жалпы маселелери Ош пед. ин-тунун философия кафедрасында (марксчик философиянын предметин түшүнүүнүн гносеологиялык аспекттери) ж-а Кыргызстан а. ч. ин-тунун философия кафедрасында (жалпы ж-а айрым перселер, алардын социалдык мамилелердин өзгөрүү процессиндеги өз ара карым-катнашы) да изилдене баштады.

Респ-када диалектиканын жалпы проблемалары (Т. Абдылдаев, «Жаратылыштын диалектикасы марксчик философиянын составдык бөлүгү болуп саналабы?», «Вопросы философии», 1964, № 6; «Диалектиканын актуалдуу маселелери», 1975) гана эмес, о. эле табигый илимдердин айрым философиялык маселелери («В. И. Ленин жана табият таанууну онугүшү», 1961; «Табият таануунун маселелери В. И. Ленин дин эмгектеринде», 1970) б-ча да ил. из. иштери жолго коюлуп жатат. Кыргыз мамл. медицина ин-тунун философия кафедрасында философиядагы ж-а табият таануудагы түшүнүүнүн комплекстүү темасы иштелип чыгып, аны аткарууга кафедра кызматкерлери м-н бирге башка жогорку окуу жайларындагы ж-а илимий мекемелердеги адистер да тартылган. Илимий-техникалык рев-ялын шарттарында коомдун ж-а жаратылыштын, адамдын, о. эле тышкы чойронун өз ара мамилелеринин закон ченемдеринин комплекстүү проблемасы ж-до (М. Жумагулов ж. б.) ушунун өзүн айтууга болот.

70-жылдарда респ-када табигый ж-а жасалма перселин диалектикасынын маселеси б-ча комплекстүү илимий изилдөө кеңейтилди. Т. Абдылдаевдин ж-а А. Бакаевдин «Илимий-техникалык революциянын шарттарында табигый жана жасалма перселердин салыштырмалуу катышы» деген монографиясында (1981) «табигый» ж-а «жасалма» деген түшүнүктөрдүн өнүгүшүнүн шексиздиги көрсөтүлөт; табигыйдын ж-а жасалманын артыкчылыктары м-н чектелгендиктери аныкталып, илимий-техникалык рев-ялын шарттарында алардын өз ара татаал байланыштары изилденет. Проблема ар түрдүү багыттарда изилденүүдө: эмгектеги табигый ж-а жасалма перее (В. П. Кутепов), илимий-техникалык рев-ялын шарттарында адам м-н тышкы чойронун өз ара мамилелеринин мүнөзү (К. А. Ажибекова), адамдын келечеги ж-дегү проблемаларга философиялык анализ берүү, деңиздер м-н океандарды изилден үйрөнүү ж-а өздөштүрүү маселелери, адамдын сезүү органдарынын мүмкүндүктөрүнө методологиялык талдоо, илимий-техникалык рев-ялын шарттарында табигый ж-а жасалма персенин өз ара мамилелеринин закон ченемдери (топурактуу изилдөөнүн материалынын негизинде, Р. Апасов), медицинадагы табигый ж-а жасалма перселердин философиялык маселелери (А. И. Подгурский), химиядагы табигый ж-а жасалма перселердин өз ара мамилелеринин өзгөрүү процессинин методологиялык аспектилери, азыркы кездеги биологиядагы табигый ж-а жасалма перселердин диалектикасы, жандуу ж-а техникалык системалардын өз ара мамилелери, техникалык илимдердеги табигый ж-а жасалма перселер проблемасынын методологиялык аспектилери (Ж. Саякбаев) ж. б. каралууда. Эң маанилүү методологиялык маселелер физика б-ча (А. Акунов, «Физиканын өнүгүшүнүн мүнөздүү белгилери жана жолдору жөнүндө», 1966; К. Молдалиев, «Динамикалык жана статистикалык закондор, алардын философиялык мааниси», 1974; А. Чолпонкулов, «Органикалык эмес жаратылыштын түзүлүш деңгээлдерин изилдөөдөгү негизги тенденциялар», 1980), математика б-ча (С. Жумакапов, «Азыркы кездеги илимди математикалаштыруу процессинин методологиялык аспектилери», 1975), биофизика, биокибернетика, бионика ж-а медицина б-ча (С. Жумакадыров, «Жандуу организмдин формасынын жана мазмунунун диалектикасы», 1972) иштелип чыгууда. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы конф-ялардын материалдарында (2-илимий конференциянын материалдары, 1968) ж-а эмгектердин 5 томдон турган жыйынтыгында чагылдырылган.

Биологиянын, а. и. түрдүн келип чыгыш теориясынын философиялык маселелерин терең изилдөөлөр кеңири колго алынууда. Т. Абдылдаевдин «Түрдүн келип чыгуу процессинде эски сапаттык абалдан жаңы сапаттык абалга өтүүнүн формалары жөнүндө» (1956), «„Биологиялык түр" деген түшүнүктүн пайда болуу ж-а өнүгүү процессине философиялык анализ жүргүзүү» (1968) деген эмгектеринде түрдүн диалектикасын жашоонун реалдуу бар болгон негизги бирдиги катары гана эмес, фундаменттүү илимий түшүнүк катары да ачып берүүгө аракет жасалат; «түр» деген түшүнүктүн келип чыгышына ж-а калыптанышына тарыхый-логикалык планда узак, татаал процесс катары байкоо жүргүзүлөт, азыркы кездеги биологиянын түр ж-а түрдүн келип чыгышы ж-дегү окуусунун негизги методологиялык проблемаларына зор көңүл бурулат («Түр жана түрдүн келип чыгышынын теориясындагы талаш маселелер», «Философские науки», 1965, № 1; «Азыркы биологиядагы „түр" түшүнүгү», 1971). Алар органикалык дүйнөнү уюштуруу деңгээлинин ж-а аны таанып билүү деңгээлинин өз ара мамилесинин маселеси м-н ажырагыс биримдикте чагылдырылат («Жандуу жаратылыштын түзүлүш деңгээлдерин изилдөөдөгү түрдүү тенденциялардын өз ара мамилелери», 1975). Темаңы иштен чыгуунун логикалык уландысы адамды уникалдуу, кайталанбас түр катары кароо ж-а илимий техникалык рев-ялын шарттарында адам м-н биосфераның өз ара мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн аныктоо болуп саналат («Илимий-техникалык революциянын шарттарында коом менен жаратылыштын өз ара мамилелеринин мүнөзү», 1976). Түрдүн ж-а түрдүн келип чыгышынын теориясынын философиялык маселелери азыркы

замандын экологиялык актуалдуу проблемалары м-н байланыштырылат. Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-ту, респ-канын жогорку окуу жайларынын философия кафедралары маркстик-лениндик философия б-ча илимий ж-а педагогикалык кадрларды даярдоо ишин да жүргүзүүдө. Респ-када философия жагындагы илимий кызматкерлердин, окумуштуулардын жалпы санына 100дөн ашуун адамды түзөт, а. и. Кыргыз ССР ИАнын 1 академиги, 2 корр. мүчөсү, философия илимдеринин 5 доктору, 50дөн ашуун кандидаты бар. Респ-када философиялык изилдөөлөрдү координациялоону, пландаштырууну Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-ту, о. эле СССР философия коомунун кыргыз бөлүмү м-н Кыргыз ССР ИАнын Президиумунун алдындагы илимий советтер ишке ашырышат.

А. Алтымышбаев, Т. Абдылдаев

Экономика илимдери. Улуу Окт. рев-ясына чейин О. Азиялын, а. и. Кыргызстандын экон. өнүгүш маселелери В. И. Масальскийдин «Түркстан крайы» (1914), В. В. Заорская м-н К. А. Александердин «Түркстан крайынын өнөр жай ишкапалары» (1915) деген эмгектеринде, А. Ф. Миддендорф, В. В. Бартольд, П. П. Румянцев, В. А. Васильев ж. б. тарыхчылардын эмгектеринде бир аз баяндалган. Октябрдан кийинки биринчи жылдары Кыргызстанда илимий кадрлар жок болгондуктан жаратылыш ресурстарын изилдөөгө, чарб. милдеттерди патыйжалуу аткаруу жолдорун белгилөөгө байланыштуу маселелер Москва, Ленинград ж. б. шаарлардын окумуштуулариын кеңири катышуусу аркасында респ-канын партиялык, советтик ж-а чарб. органдары тарабынан чечилген. Бул мезгилдеги экономика б-ча илимий эмгектердин ичинен Г. Н. Чердынцевдин «Орто Азия республикалары» (1928), В. С. Батраков м-н П. В. Погорельскийдин «Кыргызстандын көчмөн айлынын экономикасы» (1930) деген китептери маанилүү. Респ-канын экономикасын өнүктүрүүнүн теориялык ж-а практикалык проблемаларын илимдин негизинде иштен чыгуу ж-а жалпылаштыруу атайын экон. илимий мекемелердин уюштурулушуна ж-а түзүлүшүнө жараша ишке ашырыла баштады. 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы зор роль ойноду. 1946-ж. анын составында биринчи экономика-географиялык топ түзүлүп, 1947-ж. анын базасында экономика бөлүмү уюшулган. 1956-ж. Кыргыз ССР ИАнын экономика бөлүмү Экономика ин-ту болуп кайра уюшулган.

50-жылдардын орто ченинде респ-када жогорку билимдүү экономисттердин, илим кандидаттарынын саны өстү; буга Москванын, Ленинград, Ташкен ж. б. шаарлардын экон. жогорку окуу жайларына респ-канын окуучуларын жиберүү, ал эми кийинчерээк КМУда экономика факультетин түзүү өтө чоң көмөк көрсөттү. 60-жылдарда респ-канын экон. мекемелеринин тармагы кеңейип, дыйканчылык, мал чарба ж-а ветеринария, суу чарба, топурак таануу ил. из. ин-ттарынын алдында экономика бөлүмдөрү ачылды. Окумуштуу экономисттер КМУнун, Кыргызстан а. ч. ин-тунун факультеттеринде, политехникалык, медицина, педагогика ж. б. жогорку окуу жайларынын экономика ж-а саясий экономия кафедраларында топтолгон. 1970-ж. Кыргыз ССР мамл. пландоо комитетинин Экономика ж-а экономика-математика методдору м-н пландаштыруу ил. из. ин-ту, 1980-ж. респ-канын а. ч. министерствосунда Экономика ж-а а. ч. өндүрүшүн уюштируу ил. из. ин-ту түзүлгөн. Илимий кызматчы экономисттердин саны жогорку окуу жайынын мугалимдерин кошкондо 1970-жылдагы 412деп 1981-ж. 698ге, окумуштуу даражасы бар адистердин саны 109дан 215ке чейин (а. и. экономика илиминин 11 доктору ж-а 3 профессору бар) өскөн. Мунун баары респ-када экон. илиминин өнүгүшүнө жакшы таасирин тийгизген. Илим изилдөө улам кеңейип, методикасы оркүндөп, окумуштуу экономисттердин эмгектеринин илимий деңгээли ж-а практикалык мааниси жогорулады. 50-жылдардагы экон. изилдөөлөр негизинен респ-канын өнөр жайынын ж-а а. ч-сынын эң маанилүү тармактарын адистештирүүнүн ж-а жайгаштыруунун милдеттерин чечүүгө, колхоз-совхоздордун экономикасын жогорулатуу жолдорун иштеп чыгууга байланыштуу. Бул убакытта теориялык мүнөздөгү эмгектер да басылып чыкган: «Социализмдин негизги экономикалык закону жөнүндө» (1953), «Өндүрүш каражаттарын өндүрүүнүн айрыкча өнүгүшү — жогорку техниканын базасында социалисттик экономиканын тынымсыз өнүгүшүнүн жана оркүндөшүнүн негизи» (1955, Ж. Алышбаев). 50-жылдардын аягында ж-а 60-жылдарда респ-када Кыргызстандын экон. тарыхы изилденген эмгектер басымдуулук кылган: «Кыргызстандын экономикасын социалисттик кайра түзүүнүн очерктери» (1959), «Кыргызстандын эл чарбасы Улуу Октябрь социалисттик революциясы, чет өлкөлүк интервенция жана граждандык согуш мезгилинде» (1963), «Революцияга чейинки Кыргызстанда товардык чарбанын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн экономикалык өбөлгөлөрү» (1963), «Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүн калыбына келтирүү» (1965), «Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүшү» (1966) ж. б. 60-жылдардын орто ченинен баштап, окумуштуу экономисттер респ-канын экономикасынын перспективалуу өнүгүшүнүн проблемаларына, о. эле аймакташ-өндүрүш комплекстерин түзүү, экономиканын өсүү темптерин аныктоо, респ-канын эл чарбасынын тармактык структурасына баа берүү чөнүн тандоо проблемаларына, эл чарбасынын өз ара байланыштуу тармактарын өнүктүрүүнүн пропорциялаштырына ж-а комплекстүүлүгүнө ж. б. көп көңүл бурууда.

70-жылдарда комплекстүү экон. изилдөөлөр жүргүзүлүп, аларга геология, химия, биология илимдеринин өкүлдөрү тартылып, респ-канын ар түрдүү ил. из. ин-ттарынын ж-а жогорку окуу жайларынын илимий күчтөрүн координациялоо жакшырды. Изилдөөнүн экон. методдору ж-а электрондук-эсептөөчү техника кеңири колдонулуп жатат. Респ-када экон. илимпиндн эң маанилүү багыттары б-ча илимий мектептер пайда болду. Алардын бири Кыргызстандын өндүрүчү күчтөрүн өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу проблемаларын иштеп чыгуу болуп калды. Бул жагынан окумуштуулардын сунуштары Кыргыз ССРинин эл чарбасын өнүктүрүүнүн бет жылдык пландарын түзөн кездө пайдаланылат. Илимий мекемелер жаратылыш ж-а эмгек ресурстарын пайдалануунү прогноздоо, аймакташ өндүрүш комплекстерин түзүү б-ча чоң ин жүргүзүдө. Ушул маселелер б-ча бир канча монография жарыялданган. Комплекстүү проблемалар К. Оторбаев, Е. П. Чернова, К. А. Соодонбеков, В. С. Стародубцев, К. Сыдыков, В. И. Бушман, А. Термечиков, О. Сейдахматов, С. Дооталиев, М. Иманалиев ж. б-дын эмгектеринде иштелип чыккан. 60-жылдардан баштап, Кыргызстандын калкының ж-а эмгек ресурстарының табигый өсүшүнүн регнондук өзгөчөлүктөрү, кадрлардын миграциясынын, мобилдүүлүгүнүн ж-а туруксуздугунун даражасы, квалификациялуу адистерди даярдоо ж-а эл чарбасын алар м-н камсыз кылуу маселелери, эмгек ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору ж. б. изилденүүдө. Бул проблемалар б-ча бир топ ири монография басылып чыкган: «Кыргыз ССРинин калкы жана эмгек ресурстары» (1965), «Кыргыз ССРинин айыл чарбасында эмгек ресурстарын пайдалануу» (1968), «Кыргызстандын өнөр жайынын эмгек ресурстары» (1970), «Колхоздорго квалификациялуу кадрларды даярдоо жана пайдалануу» (1971), «Калктын өсүшү жана эмгек ресурстары» (1975), «Кыргызстанда алл эмгегинин социалдык-экономикалык проблемалары» (1978). Эмгек ресурстарынын, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу проблемаларын Е. П. Чернова, Н. С. Есипов, В. И. Кумсков, А. Иманкалыкова, С. Бекходжаева, А. П. Исманов, Л. А. Фомина, Л. И. Лебедева ж. б. изилдеген.

Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык, методологиялык ж-а практикалык маселелери, тармак арасында байланыш түзүүнүн закон ченеми ж-а өзгөрүү тенденциялары сыяктуу маселелер

иштелүүдө, буларды изилдөө натыйжалары «Коммунизмди куруу мезгилинде колхоз менчигин жалпы элдик менчикке жакындаштыруу жолдору» (1968), «Кыргызстанда кеңири кайталанма өндүрүштөгү азыркы структуралык өзгөрүштөр» (1973), «Кыргызстандагы коомдук өндүрүштүн өсүү темпи, пропорциясы жана натыйжалуулугу» (1976), «Шаардык жана айылдык калктын турмуш деңгээлин теңдештирүүнүн регионалдык проблемалары» (1978) ж. б. эмгектерде баяндалат. Бул багытта изилдөөнү өнүктүрүүгө Е. П. Чернова, Г. Ж. Жаманкулова, А. Ө. Орузбаев, К. Жунушев, М. Рыскулбеков, Т. Койчуев, М. К. Литуновская, Р. З. Сайфулин, З. И. Зиновьева ж. б. салым кошушту. Ө. ж. жана а. ч. өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу проблемалары б-ча төмөндөгү эмгектер жарыяланган: «Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугу жана экономикалык өнүгүү» (1968), «Кыргызстанда айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору» (1971), «Кыргызстандын айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгү жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгү» (1973), «Кыргызстандын агрардык өнөр жай комплекстери» (1976), «Өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу проблемалары» (1973) ж. б. Өнөр жайдын ар түрдүү тармактарында өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу проблемалары С. Исламов, Б. Мураталиев ж. б-лар изилдеген. Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу проблемалары б-ча Ж. С. Лайлиев, А. Ө. Орузбаев, В. И. Лященко, Э. И. Арабаев, К. К. Азыков, Р. Табалдиев ж. б. тарабынан изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Ж. Загулов, Т. Молдустанов ж. б-дын изилдөөлөрү транспорттун ж-а транспорттук-экономикалык байланыштын натыйжалуулугун жогорулатуу проблемаларына арналган, ал эми А. Иманбеков, Ш. Мусакожоев негизги өндүрүш фондуларын кайталап өндүрүү ж-а пайдалануу проблемаларын изилдеген. Реси-када капитал салымынын ж-а жаңы техниканын натыйжалуулугунун проблемалары б-ча ири изилдөө жүргүзүлүп жатат: «Кыргызстандын өнөр жайындагы капитал салымынын жана жаңы техниканын натыйжалуулугу» (1963), «Кыргызстандын өнөр жайындагы капитал салымынын структурасы» (1973), «Курулуш моонотун кыскартуунун жана долбоордук кубаттуулуктарды өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу» (1974), «Кыргызстандын өнөр жайындагы капитал салымынын жана негизги фонддордун натыйжалуулугу» (1975), «Кыргызстандын өнөр жайында капитал салымын тармак жана аймак боюнча болуштүрүү» (1978) ж. б. Аларда капитал салымын аймак ж-а тармак б-ча болуштүрүүнү оптималдаштыруунун изилдөө материалдары келтирилип, өндүрүштүн капитал сыйымдуулугуна региондун жаратылыш шартынын таасирин аныктоолор, капитал сыйымдуулугунун нормативдерин тактоо б-ча сунуштар иштелип чыккан (С. Исламов, И. Абдурахманов, З. А. Куттубаева, Д. Жумабеков ж. б.). Илимий-техникалык прогресске байланыштуу маселелерди изилдөө Н. Н. Коспиров, М. Балбаков, М. Г. Улумбекова, А. Орузбаев, А. Асанова ж. б. тарабынан жүргүзүлгөн. Алардын ушул проблема б-ча бир нече монографиясы, а. и. «Айыл чарба өндүрүшү жана илимий-техникалык прогресс» (1978), «Кыргызстандын шартында өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга илимий-техникалык прогресстин таасири» (1979) ж. б. эмгектери жарыяланган.

70-жылдарда чарба эсеби ж-а экономикалык стимулдаштыруу маселелери кеңири изилденип, булар б-ча бир катар монографиа басылып чыккан: «Чарба эсеби жана өндүрүштү экономикалык стимулдаштыруу» (1970), «Колхоздордогу чарба эсеби жана материалдык стимулдаштыруу» (1972), «Чарба эсебинин жана экономикалык стимулдаштыруунун практикасы» (1974), «Чарба эсебин жана өндүрүштүн натыйжалуулугун стимулдаштыруунун өркүндөтүү» (1974), «Өнөр жайды экономикалык стимулдаштыруу системасындагы кыреше жана рентабелдүүлүк» (1975), «Кыргызстандын совхоздорундагы толук чарба эсебинин натыйжалуулугу» (1977), «Кыргызстандын колхоз-совхоз өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуу жана аны материалдык стимулдаштыруу» (1979) ж. б. Кыргызстанда чарба эсебинин ж-а экон. стимулдаштыруу, финансы ресурстарын туура пайдалануу проблемаларын Б. Аламанов, Г. Алымов, А. Токтоналиев, К. Ш. Абдуллаева, М. Я. Ореховская ж. б-дын эмгектеринде изилденүүдө. К. Алиев, Т. Алмаев ж. б. Кыргызстандын экон. статистикасын изилдеп жатат. Кыргыз ССР ИАнын Экономика ин-ту өнүккөн социализм мезгилинде өндүрүчү күчтөрдү ж-а өндүрүш мамилелерин өнүктүрүү проблемаларын изилдөөгө «Советтик Кыргызстандын экономикасынын гүлдөшү» (1968), «В. И. Ленин жана Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшү» (1970), «Социалисттик өз ара жардамдашуу жана Кыргыз ССРинин экономикасынын өнүгүшү» (1975), «Кыргызстандын экономикасы — СССРдин эл чарба комплексинин ажырагыс бөлүгү» (1977) деген коллективдүү эмгектерди арнаган. Реси-каның чегинен тышкары жерлерде — Москва, Ленинград, Новосибирск, Ташкен ж. б. ш-ларда кыргыз окумуштууларынын жарыяланган эмгектеринин саны өсүүдө. Москванын, Боордош реси-калардын мекемелери м-н биргелешип изилдөөнүн масштабы кеңейүүдө. Кыргызстандын окумуштуулары Бүткүл союздук, реси-калар аралык конф-ялардын ишине катышып жатат. Илимий кадрлар Кыргыз ССР ИАнын Экономика ин-тунда, КМУнун ж-а Кыргыстан а. ч. ин-тунун экономика факультеттеринде, Мамл. пландоо комитетинин, а. ч. министерствосунун ил. из. мекемелеринде ж. б-да даярдалат. Уюштугандан 1980-жылга чейин Экономика ин-ту илимдин 8 докторун ж-а 102 кандидатын даярдаган.

А. Молдокулов

Экономикалык география. Рев-ляга чейин Кыргызстанда экон. географиялык изилдөөлөрдү айрым орус окумуштуулары гана жүргүзүп келишкен. А. Ф. Миддендорфдун «Фергана ороонунун очерктери» (1882), И. И. Гейердин «Түркстан» (1909), А. Л. Кирснердин «Жети-Суу областы» (1909), В. И. Масальскийдин «Түркстан крайы» (1914), И. В. Васильевдин «Жети-Суу областы колония катары» (1915), В. В. Заорская м-н К. А. Александердин «Түркстан крайынын өнөр жай ишканалары» (1915) деген эмгектери, П. П. Румянцевдин 1915—16-жылдардагы изилдөөлөрү ж. б. чарбаны ж-а калкты жайгаштыруунун айрым проблемаларына арналган. Бирок алар Кыргызстандын экономикасы ж-дө толук түшүнүк берген эмес. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып экон. география илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуп калды. Өндүрүч күчтөрдү өнүктүрүү ж-а рационалдуу жайгаштыруу, экон. райондоштуруу, табигый ресурстарды өздөштүрүү ж-а пайдалануу проблемаларын чечүүдө анын мааниси жогорулады. 20-жылдардын аягында экон. географиялык мазмундагы эмгектер жарык көрө баштаган. 1928-ж. Г. Н. Чердынцевдин О. Азия реси-каларынын экон. географиялык мүнөздөмөсүнө арналган эмгеги пайда болду. 1925—27-жылдары Ош, Пишпек, Нарын райондорунун экономикасын изилдөө уюшулган. Отол эле мезгилде В. С. Батраковдун, П. В. Погорельскийдин Кыргызстандагы көчмөн айылдын экономикасына мүнөздөмө берген эмгеги жарыяланды. Бул эмгектерде экон. географиялык маалыматтар келтирилген. Кыргызстандын айрым аймагына атайын экон. географиялык изилдөөлөрдү А. Н. Ракитников м-н С. Н. Рязанцев башташкан. 1936—39-жылдары А. Н. Ракитниковдун Борб. Тянь-Шаңга ж-а Ысык-Көл ороонуно, Чыгыш Ферганаңын а. ч. зоналарына ж. б. арналган эмгектери басылып чыкты. Аның 1941-ж. чыккан «Кыргызстан» аттуу китеби 1951-, 1956-, 1960-жылдары (В. Ф. Павленко м-н авторлош болуп) кайрадан басылган, ал эми 1970-ж. «Кыргызстан» деген монографиялы К. Оторбаев, М. М. Картавов, В. В. Гречко, К. Рахманов ж. б. м-н биргелешип даярдаган. Чүй (М. М. Картавов), Талас (О. П. Шаргей), Кетмен-Төбө (К. Н. Посошникова) ж. б. ороондордун

экон. географиялык мүнөздөмөлөрү иштелип чыкты. 1954-ж. Кыргыз ССР ИАнын география бөлүмү уюшулуп, мында реси-каны экон. географиялык жактан изилдөөлөр улантылды. Кыргызстандын техникалык өсүмдүктөрүнүн географиясына (А. Исаев, 1964), Ош областынын а. ч-сына (В. В. Гречко, 1964) арналган эмгектер жарыяланды; К. Оторбаев, М. М. Картавов, Т. Молдустанов «Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүшү» (1966) деген эмгектин даярдалышына катышышты; Кыргыз ССРинин калкын ж-а эмгек ресурстарын изилдөөнүн натыйжалары Д. И. Ободов, К. Рахманов ж. б-дын эмгектеринде (1965) жарыяланды. СССРдин 50 жылдыгы атп. КМУнун экон. география кафедрасынын кызматкерлери изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын географиясы (1959), шаарлары (Г. С. Гужин, Б. Ш. Чормонов, 1961—72), Кыргыз ССРинин ө. ж-нын өнүгүшү (Б. Ш. Чормонов, А. Ф. Сидоров, 1963), Чүй ороонунда ө. ж-дын өнүгүшү (Б. Ш. Чормонов, 1971) ж-дө эмгектерди жарыялашты. Б. Ш. Чормонов тарабынан Фрунзе ө. ж. түйүнү изилденип, аның өнүгүү проблемалары иштелип чыккан. Кыргызстандын табигый ресурстары ж-догу эмгектер А. Исаевдин, М. М. Картаводун изилдөөлөрүнүн натыйжасы болгон. Реси-каның табигый байлыктарына баа берүү б-ча бир катар эмгектер (М. М. Картавов, К. Оторбаев, А. Исаев, И. В. Выходцев, К. Садыков) басылып чыкты. Жыйынтарда жарыяланган Е. П. Чернованың, Н. С. Есиповдун ж. б-дын эмгектери калктын ж-а эмгек ресурстарынын географиясына арналды. Г. С. Гужин О. Азиянын тоолуу райондорундагы калктын географиясынын азыркы проблемаларын изилдөөдө бир кыйла иш аткарды. Майда шаарлардын ж-а ири кыштактардын өнүгүү проблемалары иштелип чыгууда (Б. Ш. Чормонов, К. Рахманов, К. Жусупбеков ж. б.). С. Орозалиевдин эмгектери (1968) Кыргызстандын экон. географиясына арналган.

1980-ж. «Кыргыз ССРинин улуттук атласы» үчүн карталарды түзүү аяктады. Өндүрүч күчтөрдү өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу, аймактык-өндүрүштүк комплекстерди (АӨК), эл чарба тармактарын түзүү проблемалары изилденүүдө (К. Оторбаев, М. М. Картавов, В. В. Гречко). К. Оторбаевдин бир катар эмгектери экон. райондоштуруу проблемаларына, О. Азияның, а. п. Кыргызстандын табигый ресурстарын өздөштүрүүгө ж-а АӨКтөрдү түзүүгө, келечекте реси-каның өндүрүч күчтөрүн өнүктүрүүгө арналган. Реси-каның алыскы жайыттарында мал багууну өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу (С. Жумалиев, С. Орозалиев), техникалык өсүмдүктөрдүн географиясы, бийик тоолуу ороондорду өздөштүрүү (Н. Бакиров), жер ж-а суу ресурстарын пайдалануу (А. Кетикбаев, И. А. Магзумов), калкты тейлөө чойросу (А. Т. Актанова) б-ча изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Т. Молдустанов, Ж. Загулов, Т. Койчуев ж. б. реси-каның транспортунун географиясын ж-а транспорттук-экон. байланыштарын изилдештүүдө. О. Сейдахматов, И. В. Лященко ж. б. райондоштуруу маселелерин чечүүдө. Чүй ороонунун өндүрүч күчтөрүн изилдөө КМУнун экон. география кафедрасынын мүчөлөрүнүн эмгектеринде жыйынтыкталды. Анда эл чарбасынын тармактарын аймак б-ча уюштурууга ботөнчө көңүл бурулган. 1978-ж. «Кыргыз ССРинин географиясы» жарыяланды (М. М. Картавов, В. И. Середа, А. Исаев, С. Орозалиев). 80-жылдарда географ-экономисттердин алдында турган башкы проблемалар — Кыргыз ССРинин өндүрүч күчтөрүнүн өнүгүшүн ж-а жайгашуусун изилдөө, эл чарба тармактарын аймак б-ча уюштуруу, ороондорду чарб. жактан өздөштүрүү маселелерин, алыскы жайыттарда мал багууну өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу, агрардык-ө. ж-лык кооперативдештирүү, жер-суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу ж-а коргоо.

Б. Ш. Чормонов

Укук илимдери. Кыргызстанда укук илимдеринин пайда болушу ж-а өнүгүшү Окт. рев-ясынан кийин башталган. Сов. мамлекеттүүлүктүн өнүгүү тажрыйбасын изилдеп үйрөнүү, көп улуттуу мамлекеттин шарттарында мамл.-укуктук курулуштун көп түрдүү ж-а байт практикасын изилдөө реси-кадагы укук илимдеринин эң маанилүү милдети болуп калган. Кыргызстанда мамл. укуктук курулуш бир тууган реси-калардын активдүү жардамы аркасында ишке ашырылып, ар түрдүү закон актыларын иштеп чыгуу м-н коштолгон. Ошентсе да, аның өнүгүшү бир катар кыйынчылыктарга дуушар болгон. Илимий кадрлар жок эле. Ушуга байланыштуу 30-жылдарда кыска мөөнөттүү курстарда, жумушчулар факультеттеринде, сов.-партиялык мектептерде, о. эле башка союздаш реси-калардын окуу жайларында (Москва, Саратов, Харьков, Ташкенде ж. б.) улуттук юрист кадрларды даярдоого өзгөчө көңүл бурулган. 1934-ж. реси-када кыска мөөнөттүү укук курстарынын базасында бир жылдык (1937-жылдан тартып — 2 жылдык) укук мектеби уюшулуп, аның алдында 3 жылдык сырттан окуу болүмү ачылган. 1943-ж. Фрунзеде Бүткүл союздук сырттан окуу укук ин-тунун филиалы ачылып, бул реси-када укуктук жогорку билим берүүнү өнүктүрүүгө комок көрсөткөн. 1953-ж. КМУда тарых (тарых-укук), андан кийин экономика (экономика-укук) факультеттеринде укук таануу болүмү ачылган. 1958-ж. Кыргыз ССР ИАнын алдында философия ж-а укук болүмү түзүлүп (1964-ж. ал Философия ж-а укук ин-ту болуп уюшулган), ал реси-када мамлекет ж-а укук проблемалары б-ча изилдөөлөрдү жүргүзө баштаган. 1964-ж. КМУнун укук факультети түзүлгөн, 1965-ж. Философия ж-а укук ин-тунун составында мамлекет ж-а укук болүмү уюшулган. Жогорку квалификациялуу юрист кадрларды даярдоо СССР ИАнын Мамлекет ж-а укук ин-тунун ж-а аның корүнүктүү окумуштууларынын түздөн түз жардамы аркасында 60-жылдардан баштап айрыкча колго алынган. Москванын, о. эле О. Азия реси-калары м-н Казакстандын окумуштуу юристтери Кыргызстан үчүн адистерди даярдоодо зор жардам көрсөтүшкөн. Реси-када сов. мамлекеттүүлүктүн ж-а айрым укук тармактарынын өнүгүшүнүн тарыхы ж-а азыркы учурдагы проблемалары реси-каның окумуштуу юристтеринин илимий изилдөөлөрүндө маанилүү орунду ээлейт. Бул проблемалар-ды иштеп чыгууга монографиялык бир катар эмгектер арналган: «Улуу Октябрь социалисттик революциясы жана кыргыз элинин советтик мамлекеттүүлүгүнүн негиздеринин түзүлүшү», «Кыргыздын советтик улуттук мамлекеттүүлүгүнүн пайда болушу», «Кыргыз ССРинин түзүлүшү». «Кыргыз ССРинин мамлекет жана укук тарыхы», «Кыргыз элинин суверендүү мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүшү», «Советтик Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү жана Конституциясы» ж. б. Сов. Кыргызстандын конституциялык закондорун өнүктүрүүгө олуттуу көңүл бурулуп жатат.

К. Нурбеков, Р. Тургунбеков

Педагогика илимдери. Кыргыздардын өткөн замандагы педагогикалык көз караштары баарыдан мурда элдик оозеки чыгармачылыкта чагылдырылган. Тарбиялоонун мазмуну, ыкмалары ж-а каражаттары турмуштук тажрыйбага гана негизделип, көбүнчө прогрессивдүү, гумандуу ж-а демокр. өзгөчөлүгү бар эмпириялык рекомендациялар мүнөздүү болгон. Акын-демократтар Токтогул Сатылгановдун (1864—1933), Тоголок Молдонун (1860—1942) идеялары кыргыздардын педагогикалык ой-пикирлеринин калыптанышына ж-а өнүгүшүнө көрүнүктүү таасирин тийгизген. Алар өздөрүнүн ревягa чейинки чыгармаларында тарбия берүү проблемасы б-ча эмгекчи элдин көз караштарын чагылдырышкан, алардын бай-манаптарды жек көрүү сезимин ойготкон, эркиндикке чыгууга чакырып, реакциячыл феодалдык-уруучулуктун үрп-адаттарына тайманбай карды чыгышкан. 19-к-дын акырында Кыргызстанда пайда болө баштаган орус баштагыч ж-а орус-тузем мектептери кыргыз жаштарынын бир болүгүнүн арасында агартуу билимдеринин ж-а алдыңкы орус маданиятынын таралышына көмөк көрсөткөн.

Кыргызстанда педагогиканын илим катары пайда болушу ж-а өнүгүшү Окт. рев-ясынын жеңишин ж-а

1924-ж. кыргыз алфин улуттук сов. автономиясын түзүлүшү м-н тыгыз байланышкан. 1925-ж. респ-кадагы педагогикалык билим берүү системасынын түгүчү болгон Кыргыз агартуу ин-ту ачылган. Кыргыз тилинин терминологиясын, окуу программаларын, окуу китептерин ж-а окуу-методикалык куралдарын ийгиликтүү иштеп чыгуу максатында 1924-ж. Академиялык борбор түзүлгөн. 1925-ж. ал Кыргыз илимий комиссиясына айландырылып, анын алдында окуу дисциплиналарын окутуу методикасынын маселелеринин үстүндө иштеген Илимий-педагогикалык коом түзүлгөн. 1932-ж. Кыргызстандагы алгачкы жогорку окуу жай — Кыргыз мамл. педагогика институтунун ачылышы зор маанеге ээ болуп, ал педагогикалык кадрларды даярдай баштаган. Педагогиканын тарыхы ж-а теориясы б-ча илимий изилдөөлөрдүн кеңири жайылышы 1951-ж. уюшулган Кыргызстан педагогика ил. из. ин-туна тыгыз байланыштуу. 50-жылдарда педагогикалык окуулар өткөрүлгөн. Кыргызстандагы сов. мектептин тажрыйбасын алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири педагогика илимдеринин кандидаты Б. Кулдашев болгон. 1959-ж. Кыргызстан педагогика ил. из. ин-тунун алдында аспирантураны уюштуруу улуттук педагогикалык илимди өнүктүрүүдө ж-а илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо чечүүчү маанеге ээ болгон. Мында Кыргыз ССРиндеги элге билим берүүнүн спецификасын эске алуу м-н мектеп педагогикасынын теориясы ж-а сабак берүү, окутуу методикасынын актуалдуу проблемалары иштелип чыга баштаган. Кыргызстандын ж-а Сов. Чыгыш респ-каларынын педагогикалык тажрыйбасы академик А. Э. Измайловдун эмгектеринде жалпылаштырылган.

60—70-жылдардан тартып респ-канын педагогдору Кыргызстанда педагогикалык пикирдин өнүгүү тарыхынын, анын прогрессивдүү идеяларын мектепте ж-а үй-бүлөдө тарбиялоонун азыркы кездеги тажрыйбасында пайдаланууунун актуалдуу проблемаларынын үстүндө иштеп жатышат. В. И. Лениндин өмүрүн ж-а ишин өрнөк кылып окуучуларга тарбия берүү (М. Алтаев); коомдук-саясий турмуштун коргунушторуно баа берүүдө таптык маанае кылууну мектеп окуучуларында калыптандыруу (Д. Айтмамбетов); жаштарга жалпы орто билим берүүнүн шарттарында жогорку класстын окуучуларында эмгекке коммунисттик маанае жасоону калыптандыруу (Г. Токтаров, Д. Жоокаев ж. б.); Кыргызстандын мектептеринде музыкалык-эстетикалык тарбия берүү (В. М. Гребенников) проблемаларын иштеп чыгуу; сов. эң ири педагогдордун, атап айтканда, Н. К. Крупскаянын педагогикалык идеяларын ишке ашыруу ж-а бул идеяларды Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринин иш тажрыйбасына киргизүү (В. В. Светличная); окутуу процессинде край таануу музейлеринин, мектепте ж-а мектептен тышкаркы тарбия берүү чараларынын ролуна (Г. О. Норузбаева) ж. б. көңүл бурулууда. Кыргызстандын шартында жалпыга бирдей орто билим берүүнү оркундотуунун илимий-педагогикалык проблемалары изилденип жатат (М. Р. Балтабаев ж. б.). Г. В. Благодарова, Н. Н. Ляшенко, С. Мустапаев, И. Бекбоев, А. И. Тимофеев, Н. П. Ким, Л. А. Никанорова, С. Д. Токтосупова ж. б-дын педагогикалык изилдоолорунда ар түрдүү илимдердин негиздеринде окуучуларды окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу б-ча дидактикалык проблемалары маанилүү орунду ээлейт. Л. А. Шейман, В. Г. Каменецкая, Э. Б. Скворцов, С. Р. Карабаева, А. Осмонкулов ж. б-лардын эмгектеринде кыргыздын улуттук мектебинде эне тилин ж-а орус тилин окутуунун мазмунун ж-а методдорун оркундотуунун проблемаларына олуттуу көңүл бурулган. Педагогикалык психологиянын айрым проблемалары, асыресе, кыргыз мектептеринде орус тилин окутуу психологиясынын маселелери иштелип чыгууда (С. И. Гершун). Балдарга ж-а чондорго билим берүүнүн педагогикалык проблемалары, кесиптик-техникалык билим берүүнүн проблемалары изилденип жатат.

СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУ респ-када илимий-педагогикалык изилдоолордун маанилүү борбору болуп саналат. Анын кызматкерлери коммунисттик өзүн өзү тарбиялоо теориясынын проблемаларын, жаштарга жалпы орто билим берүүнүн социалдык-педагогикалык проблемаларын ж-а башка тилдерди окутуу психологиясынын маселелерин изилден жатат. Университеттин педагогика ж-а психология кафедрасы респ-канын башка жогорку окуу жайларынын кафедралары м-н бирдикте жаштарды окутуунун ж-а тарбиялоонун теориясы м-н практикасынын актуалдуу проблемалары б-ча илимий эмгектердин жыйынтыктарын ыраатгуу жарыялап турат. Университеттин методист-филологдору кыргыз мектептеринде эне тилин, орус тилин ж-а адабиятын окутуунун мазмуну м-н методдорун оркундотуу проблемаларынын үстүндө иш жүргүзүп, о. эле жогорку окуу жайлары үчүн кыргыз тил илими ж-а совет адабияты б-ча окуу китептери м-н куралдарын түзүп жатышат. В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер, Ош ж-а Пржевальск педагогика ин-ттары педагогика б-ча бир кыйла иштерди жүргүзүдө. Психологиялык-педагогикалык проблемалардын мектепке чейинки жаштагы балдарга тарбия берүү жаатына (В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык ин-ту), жогорку ж-а орто педагогикалык билим берүү жаатына (Ош педагогика ин-ту) негизги көңүл бурулган. Окуу материалдарын жогорку окуу жайларында машинанын жардамы м-н программалоо жолдору иштелип чыгууда (Фрунзе политехника ж-а К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-ттары). Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо ишн Кыргызстан педагогика ил. из. ин-ту м-н КМУда жүргүзүлөт. Респ-када «Русский язык в киргизской школе» аттуу педагогикалык журнал, «Мугалимдер газетасы», илимий эмгектер жыйнагынын сериялары ж. б. басылмалар чыгып турат.

М. Р. Балтабаев

Тил илимдери. Кыргыз тилин ар тараптан изилдоо Улуу Окт. рев-ясынан кийин гана башталган. Кыргыздын тунгуч газетасы «Эркин тоопун» 1-саны чыккан күн—1924-жылдын 7-ноябры кыргыз жазуусу жаралган күн деп эсептелет. 1924-ж. К. Тыныстановдун «Окуу китеби» басылып чыккан. Кийин негизинен башталгыч мектеп үчүн кыргыз тили б-ча алгачкы окуу китептери түзүлгөн (1924—1938). К. Тыныстановдун 1934-ж. «Кыргыз тилинин морфологиясы», 1936-ж. «Кыргыз тилинин синтаксиси» жарыяланган. Бул китептерде кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү алгачкы ирет системалуу баяндалган. 30-жылдарда материалдын топтолушуна жараша кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү тереңирээк изилдене баштаган. Биринчи илимий-сыпаттама грамматика — И. А. Батмановдун «Кыргыз тилинин грамматикасы» (1939—40) жарыкка чыгат. Автор грамматикалык категорияларга өзгөчө көңүл буруп, сөз түркүмдөрүн классификациялаган. 50—60-жылдары кыргыз тилинин түзүлүшүнүн негизги проблемаларына арналган монографиялык изилдоолор, эмгектер жарыяланган: К. Дыйкановдун «Кыргыз тилиндеги зат атоочтор» (1955), Б. Умоталиевдин «Кыргыз тилиндеги сын атоочтор» (1965), С. Кудайбергеновдун «Кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр» (1957) ж-а «Кыргыз тилиндеги ат атоочтор» (1960), С. Давлетовдун «Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор» (1960), Ж. Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги жандооч сөздөр» (1958), М. Мураталиевдин «Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар» (1959), Б. Ө. Орузбаевдин «Кыргыз тилиндеги сөз жасоо» (1964) деген монографиялык изилдоосу басылып чыккан. Анда сөз жасоонун морфологиялык, синтаксистик ж-а лексикалык-семантикалык жолдору м-н тилдин өнүгүшүндөгү алардын ролу толук каралган. Татаал сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелеринин, жөнөкөй сүйлөмдүн ар түрдүү типтеринин ж-а сүйлөм мүчөлорунун мүнөздөмөсү М. Мураталиев м-н А. Турсуновдун «Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү» (1961), А. Жапаровдун «Азыркы кыргыз тили» (1966) ж. б. изилдоолордо берилген. Бул эмгектер азыркы кыргыз тилинин курсу б-ча жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерин түзүүгө негиз болуп калды. Алардын арасында «Азыркы кыргыз тили» (1—2-бөлүм, 1956—58) деген коллективдүү эмгек, К. Сартбаевдин «Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси» (1957), Ы. Жакыповдун «Азыркы кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси» (1958) деген эмгектери, «Кыргыз тилинин грамматикасы» (1-бөлүм, морфология, 1964), «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы» (1-бөлүм, фонетика, морфология, 1980) деген коллективдүү эмгек өзгөчө маанеге ээ.

Кыргыз тилинин фонетикалык түзүлүшүн терендетип изилдөө И. А. Батмановдун «Азыркы кыргыз тилинин фонетикалык системасы» (1946) ж-а «Азыркы кыргыз тили» (1-бөлүм, фонетика, 1963) деген эмгектеринде ишке ашырылган. Кийинки жылдарда кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү эксперименттик маалыматтардын негизинде изилденүүдө. Т. Ахматовдун «Азыркы кыргыз адабий тилинин тыбыштык түзүлүшү» (1—2-бөлүк, 1968—70), А. Орусбаевдин «Кыргыз акценту ациясы» (1974) деген эмгектери, «Тилдин тыбыштык жана семантикалык структурасы» (1975) деген коллективдүү эмгек ж. б. мына ушундай изилдоолордун натыйжасы болуп эсептелет. Кыргыз лексикографиясы жаатында да бир топ ийгиликтер камсыз кылынды. 1940-ж. К. К. Юдахин 25 миң сөздү камтыган фундаменттүү «Кыргызча-орусча сөздүктү» жарыялаган; анын 40 миңге жакын сөзду өзүнө камтыган кайра иштелген экинчи басылышы 1965-ж. чыккан. Ал улуттук лексиканын байлыгын, анын калыпка салынуусунун татаал процессинин натыйжаларын ачык-айкын чагылдырган сөздүк советтик лексикографиянын ири жетишкендиги болуп калды. 1944-ж. авторлор коллективи (К. Карасаев, Ж. Шүкүров, К. К. Юдахин) түзгөн 40 миңден ашуун сөздү камтыган «Орусча-кыргызча сөздүк» басылып чыккан; 1957-ж. бул сөздүк орчундуу толуктоолор м-н (колому 51 миң сөз) жарык көргөн. Кыргыз лексикографтары кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүн түзүүнүн үстүндө эмгектенип жатышат. 1969-ж. бир томдук «Азыркы кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (110 автордук барак) жарык көрүп, анда Совет биймлигинин түшунда кыргыз тилинин сөздүк составындагы негизги жылыштар көрсөтүлгөн. 1980-жылдан бери 2 томдуу түшүндүрмө сөздүктү чыгарууга даярдык көрүлүп, кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү басылып чыкты. Терминологиялык сөздүк түзүү б-ча олуттуу иштер жүргүзүлүп жатат: 44 тармак б-ча 80деи ашуун терминологиялык сөздүк а. и. Б. Ө. Орузбаеванын «Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү» (1972) басылып чыккан.

Кыргыз лексикасынын калыптануу ж-а баюу процесси м-н өнүгүү закон ченемдери Ж. Шүкүровдун «Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр» (1952), Б. М. Юнусалиевдин «Кыргыз лексикологиясы» (1-б., 1959) деген эмгектеринде ж. б-да чагылдырылган.

Кыргыз диалектологиясы ийгиликтүү өнүгүп жатат. 1938-ж. И. А. Батманов кыргыз тилинин түп. говорлорунун классификациясын жарыялаган, К. К. Юдахин м-н Б. М. Юнусалиев говорлордун дагы бир классификациясын сунуш кылып, классификация белгилерин такташкан. 50-жылдардан баштап диалектологдор кыргыз тилинин диалектилик кубулуштарын жыйноо, системага салуу, сыпаттап жазуу б-ча иш жүргүзүшкөн. Респ-канын аймагында ж-а андан тышкары жерлерде кыргыз говорлорун изилдоо негизинен аяктаган. Бардык кыргыз говорлорунун фонетикалык, грамматикалык ж-а лексикалык өзгөчөлүктөрүн мүнөздеген Г. Бакинованын «Кыргыз тилинин оң говору» (1956) аттуу эмгеги, «Жалал-Абад областынын кыргыз говорлору» (1958), «Өзбекстанда жашаган кыргыздардын тилинин жергиликтүү өзгөчөлүктөрү» (1962) деген жыйнактары, Н. Бейшекеевдин «Казакстандагы кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрү» (1964) ж. б. монографиялык эмгектер басылып чыккан. Жогорку окуу жайлары үчүн диалектология б-ча Э. Абдулдаевдин ж-а Ж. Мукамбаевдин «Кыргыз диалектологиясынын очерктери» (1959) деген окуу китеби түзүлгөн. Кыргыз диалектологиясы жагында көп жылдык изилдоолор Б. М. Юнусалиевдин «Кыргыз диалектологиясы» (1971) деген эмгегинде жалпылаштырылган. Ж. Мукамбаев түзгөн «Кыргыз тилинин диалектологиялык создгүнүн» (1972) 1-тому басылып чыккан. «Кыргыз тилинин диалектологиялык атласын» түзүү б-ча иш аяктаган.

И. А. Батмановдун «Кыргыз тилин изилдөөгө кыскача кириш үү» (1947), Б. М. Юнусалиевдин «Кыргыз лексикологиясы» деген китеби, «Кыргыз тилинин жалпы элдик белгилерин калыптанын маселесине карата» (1956), «Кыргыз тилинин тарыхы боюнча ойлор» (1965), Б. Ө. Орузбаеванын «Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи жөнүндө» (1968) деген макалалары сыяктуу бир катар эмгектер кыргыз тилинин тарыхына арналган.

Байыркы түрк эстеликтеринин тилин ж-а алардын кыргыз тили м-н байланышын изилдөө улантылды, кыргыз тилин тектеш тилдер м-н салыштырма-тарыхый планда изилден үйрөнүү б-ча иштер жүргүзүлгөн. Бул кыргыз тилинин тарыхынын проблемаларын чечүүдө чоң маанее ээ. И. А. Батмановдун «Енисей эстеликтериндеги байыркы түрк жазуусунун тили» (1957), «Азыркы жана байыркы енисейка» (1962) деген эмгектери, о. эле «Орто Азия менен Түштүк Сибирдеги түрк тилдеринин калыптануу булактары» (1966) деген коллективдүү жыйнак, Ч. Жумагуловдун «Кыргызстандын сиро-түрк (несториан) эстеликтеринин тили» (1971) деген эмгеги ушул маселеге арналган. Азыркы кыргыз тилинин графикасы ж-а орфографиясы б-ча иштер жүргүзүлүүдө (Э. Абдулдаев, Д. Исаев, «Кыргыз орфографиясынын эрежелери», 1972; А. Турсунов, «Кыргыз тилинин пунктуациясы», 1969). «Кыргыз тилинин орфографиялык создгүгү» (Х. Карасаев, 1966) басылып чыккан. Орус ж-а кыргыз тилдерин салыштырып үйрөнүү, эки тилдүүлүктүн социолингвистикалык аспектилери ж. б. б-ча да белгилүү иштер аткарылып жатат. О. В. Захарованын «Орус жана кыргыз тилдеринин салыштырма грамматикасы. Морфология» (1965), К. С. Чоңбашевдин «Орус жана кыргыз тилдериндеги татаал сүйлөмдөр» (1968), В. Д. Скирдовдун «Орус жана кыргыз тилдеринин салыштырма синтаксиси» (1970) ж. б. китептер жарык көргөн. Тилди изилдөө иштери негизинен Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда ж-а жогорку окуу жайларынын лингвистика кафедраларында жүргүзүлөт.

А. Турсунов

Фольклористика. Орустун көрүнүктүү окумуштуусу В. В. Радлов м-н казак ориенталисти Ч. Ч. Валиханов өрөв-яга чейин эле кыргыз фольклору жөнүндө илимге негиз салышкан. Алар кыргыз эпосу «Манасты» биринчи жолу кагазга түшүрүп (1856-ж. Ч. Ч. Валиханов, 1862-ж. В. В. Радлов), анын текстине талдоо жүргүзүү м-н кыргыз фольклористикасынын алгачкы барагын ачышкан. Ч. Ч. Валиханов «Эң эле кийинки көшүмчалар менен коркомдоонун издери» сапталып калган Манас ж-дагу кыргыз дастанынын «эң байыркылыгы» тууралуу жазган. 1862-ж. В. В. Радлов «Манастын» эпизоддорун бугу уруусунун манасчысынан, 1869-ж. жаңы эпизоддорду сарыбагыш уруусунун манасчысынан жазып алган. Жалпысынан В. В. Радлов 14 миңге жакын ыр сабын жыйнап, аны орус транскрипциясына салып, кыргыз тилинде немецче көтормосу м-н бирге жарыялаган (1885-ж. Санкт-Петербург). Сов. доордо гана эпос атактуу манасчылардан — Сагымбай Орозбаков (1867—1930) м-н Саякбай Каралаевден (1894—1971) толук жазылып алынган. С. Орозбаковдон үчөлтиктин биринчи болүгүнөн 250 миндей ыр сабы, С. Каралаевден бүткүл үчилтик — «Манас», «Семетей», «Сейтек» 500 миң ыр сап коломүндө жазылып алынган. Кыргыз ССР ИАнын коомдук илимдер болумүнүн кол жазма фондуларында манасчылардан жазылып алынган эпостун 60тан ашуун

варианты сакталып турат. «Манас» ж-дө биринчи маалымат молдо Сайф-ад-диндин «Мажму ат-таварих» деген кол жазма эмгегинен (16-к.) кезигет. 1959-ж. А. Т. Тагиржапов тапкан болмуштардын бул жыйнагынын биринчи кочурмосу СССР ИАнын Азия элдери ин-тунун Ленинграддагы болумүндө, экинчи кочурмосу Ленинград мамл. ун-тинин китепканасында сакталып турат.

Кыргыздар ж-дө этнографиялык маалыматтар, «Манас» ж-дө кабарлар орус ж-а Европа басма сөздөрүндө 1861—1917-ж. пайда болгон (академик В. В. Бартольд-дун. венгр илимпозу Д. Алмашинин, орус саякатчылары П. П. Семёнов-Тян-Шанскийдин, Г. Н. Потанининдин эмгектери). Брокгауз м-н Ефрондун «Энциклопедиялык сөздүгүндө» «Манас» ж-дө кыскача маалыматтар бар. Ориенталист Ч. Ч. Валиханов эпоско кыргыздардын турмуш шартын, динин, ырым-жырымдарын, кулк-мүнөзүн, географиялык ж-а медициналык билимдерин ж-а эл аралык мамилелерин чагылдырган бардык улуттук миф, жомок ж-а мыкаантарынын энциклопедиялык жыйнагы деп мүнөздөмө берген. Рев-ярга чейин окумуштуулардын эч кимиси кыргыз фольклорунун башка жанрларын изилдеген эмес. В. В. Радлов гана «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрүндө» (Лейпциг, 1885) бир нече көлөкөтөрдүн үлгүсүн келтирген. Эпоско баа берүүдөгү айрым так эместиктерге карабастан рев-ярга чейинки окумуштуулар м-н саякатчылардын эмгектери түркологияга баалуу салым көшкөн.

Эпосту ил., системалуу изилдөө ж-а жыйноо Окт. рев-ясынан кийин башталган. 1921—23-ж. Улуттук маданияттын илим-изилдөө комитети түзүлгөн, ал СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият ж-а тарых ин-ту болуп кайра уюшулган. Ин-ттун кызматкерлери кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы, фольклору б-ча ото бай материал жыйнап, изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Г. Н. Потанининдин «Кара кыргыз жана алтай эл уламыштары менен жомоктору» (1917) деген китеби — кыргыз фольклору ж-дөгү биринчи эмгек. 1922-ж. «Наука и просвещение» журналында (Ташкен) П. А. Фалевдин «Кара кыргыз жомогу кантип түзүлөт» деген макаласы басылган. 1926-ж. С. Е. Малов «Кирпи сөзү жана сөздүгү бар байыркы түрк жазуусунун үлгүлөрүн» жарыялаган. Манасчылардын чыгармачылыктары менен «Манас» эпосун изилдөөдө кыргыз адабиятчылары К. Рахматуллин, Ы. Абдырахманов, О. Жакишев, З. Бектенов ж-а Б. Юнусалиев зор эмгек сиңиришкен. «Манас» эпосун 1924-ж. таланттуу манасчы Сагымбай Орозбаковдон К. Мифтаков толук жазып ала баштаган, кийин бул иште Ы. Абдырахманов уланткан. 30-жылдарда «Манас» эпосу белгилүү манасчылардан — Сазбай Каралаев, Байымбет Абдырахманов, Багыш Сазанов, Шапак Рысмендеев ж. б-лардан жазылып алынат. Эпосту ар тараптан изилдөө башталат. Түрколог П. А. Фалев эпостун поэтика маселесине кайрылып, ала орхон-енисей рун эстеликтери м-н салыштырат. К. Рахматуллин эпостун С. Орозбаков м-н С. Каралаев айткан варианттарын изилдейт. Эпосту изилдөөгө сов. корүнүктүү окумуштуулар П. Н. Берков, С. М. Абрамзон, В. М. Жирмунский, М. И. Богданова, М. О. Ауэзовдор кошулушат. Кыргыз жазуучулары А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, К. Маликов, Ч. Айтматов да эпосту изилдөөгө көп күч-аракет жумшашты. 40—50-жылдары көз бир манас изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде негизинен вульгардык социологизм м-н (к. *Адабият таануу)* байланышкан олуттуу көмчиликтер болгон. Бул эпостун жарыялануышына да таасирин тийгизген (орус тилинде жарык көргөн «Чоң казат» главасы). 1958-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-ту эпостун көшмө варианттын чыгарууга киришкен. Манас таануу ата мекендик ж-а чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн жаңы эмгектери м-н толуктала баштайт. «Манастын» Ч. Ч. Валиханов жазып алган текстин таап жарыялаган казак окумуштуусу А. Х. Маргулан аның баш сөзүндө кыргыз-казак элдеринин тарыхый ж-а этнографиялык байланыштары ж-дөгү маселени көтөргөн.

Совет мезгилинде «Манас» кыргыз тилинде 18, орус тилинде 4 жолу (толук же айрым үзүндүлөрү) басылып чыккан. С. Орозбаковдун варианты 6-ча кыргыз тилинде эпостун үч тому басылды (1—4-том, 1979—82). Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун Манас таануу сектору «СССР элдеринин эпосу» деген серия үчүн «Манастын» кыргыз ж-а орус тилдериндеги кыскартылган варианттын даярдаган. Ин-ттун кызматкерлери респ-канын Ысык-Көл, Ош, Нарын ж-а Талас обл-тарына жыл сайын жасаган экспедицияларында «Манастын» жаңы варианттарын жазып алышат. Ин-т «көпкө формадагы» эпосторду — «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Эр Төштүк», «Сарыжи-Бокой», «Жакыл Мырза», «Кедейкан», «Курманбек» ж-а «Эр Табылдыны» изилдөөгө ж-а илимий-көркөмдүк жактан талдоого ишке аштырды. 1965-ж. Парижде ЮНЕСКОнун чечими м-н кеңири баш сөз жазылган «Эр Төштүк» дастанынын үзүндүсү француз тилинде басылып чыккан. Дастандын айрым эпизоддору ГДР, Франция, Польша ж-а Венгрияда жарыяланган. Кыргыз эпосуна англ. окумуштуу А. Хаттонун монографиясы арналган. Англис окумуштуулары Н. М. ж-а Н. К. Чедвиктердин эмгектеринде эпос тууралуу маалыматтар бар. Кыргыз фольклористикасы калыптануу жылдарында материал топтоо, системага салуу, варианттардын өзгөчөлүктөрүн тактоо жолу м-н өнүккөн. Азыркы учурда фольклорду изилдөө элдик өөзөк чыгармачылыктын бардык өзгөчөлүктөрүн ачууга ж-а интерпретациялоого алып келүүдө.

Р. З. Кыдырбаева

Адабият таануу. Кыргыз адабий сыны 20-жылдардын аягында пайда болгон. Т. Жолдошев, М. Догдуров, А. Убукеев, М. Элебаев өңдүү жаш адабиятчылар рецензиялары м-н кыска макалаларында А. Токомбаев, К. Баялиновдун айрым чыгармаларына пикир айтып турушкан. Авторлор маркстик эстетиканын методологиясын, профессионал сындын принциптерин алп билишкесе да, алардын иштери замандын башкы талабына — Октябрдын жеңиштерин пропагандоого багытталган. Өтмөл мезгилдеги сынчылар көркөм чыгармачылыктын эстетикалык табиятын, сүрөткердин индивидуалдуулугун ж. б. маселелерди изилдөөгө эмес, өзөндөй болсо да бул жаш жазма адабият ж-дөгү жаңы илимдин башталышы эле. 30-жылдарда көркөм сөз адабий процесске активдүү кийлигишип, таасир этүү чөйрөсү кеңейген. Жазуучулар ж-а акындар А. Токомбаев, М. Элебаев, К. Маликов, Ж. Боконбаев, жаш адабиятчылар Ө. Жакишев, К. Рахматуллин, Т. Саманчин, А. Идрисовдор адабиятты изилдөө ишине ишкердүү катышышкан. Сын бара-бара кесипке айланган. «Чабуул» адабий журналынын биринчи санынын чыгышы (1931) ж-а «Ленинчил жаш» газетасынын беттеринде адабий темаларда талкуулардын өткөрүлүшү чыгармачыл жаш күчтөрдү баш коштурун, сынчыл ойдун өнүгүшү үчүн мүмкүнчүлүк түзгөн. Кыргызстан жазуучулар союзунун уюштурулушу м-н (1934) сын биринчи жолу көтөрмө өнөрү м-н балдар адабиятынын маселелерине, башка элдердин жазуучуларынын чыгармачылыгына кайрылган. Адабий чыгармачылыктын бул багыттагы негизги милдеттеринин бири адабиятта соц. реализм методун бекемдөө ж-а айрым жазуучулар м-н акындардын идеологиялык ж-а саясий жаңылыштыктарына каршы күрөш жүргүзүү болгон. Орустун классикалык ж-а азыркы кездеги адабий сынынын мыкты үлгүлөрү бара-бара үйрөнүлгөн. Бирок 30-жылдарда сын али адабий процесске чечүүчү таасирин тийгизе алган эмес, ал көп жагынан көркөм адабияттан арта калып келген.

40—50-жылдарда сын профессионалдашуу жолу м-н ыкчам кадам шилтеп, адабий турмушка ишкердүү кийлигишет. Жаш адабиятчылар Ж. Таштемиров м-н Б. Керимжановдун эмгектери жарык көрөт. А. Осмоновдун, Т. Сыдыкбековдун, А. Токомбаевдин чыгармаларын изилдөө сынчыл ойдун өнүгүшүнө жаңы түртүү берген. Бирок муну м-н бирге адабий сында орчундуу

көмчиликтер орун алган. Респ-када адабий турмуштун варыл проблемаларын чечүүгө жөндөмдүү адабиятчылар али жок эле. Көп учурда библиографиялык-сын макалаларды жазуучулардын өздөрү жарыялап турушкан. Бир катар авторлордун (П. Балтин, Ж. Самаганов, Г. Нуров) сын эмгектери вульгардык социологизмдин таасиринде жазылган. Өткөн замандын маданий мурастарынын (маселен, «Манас») идеялык-көркөмдүк сапатына шек келтирилген. Бул сынчылар кыргыз элинин монумент эстелигин элге каршы деп жарыялашкан. Респ-калык «Советская Киргизия» ж-а «Кызыл Кыргызстан» газеталарынын беттеринде эпостун элдүүлүгү ж-дөгү талаш 4 айга созулган. Москванын, Ленинграддын ж-а СССРдин башка шаарларынын окумуштуулары катышкан илимий конф-я (1952) дискуссиянын жыйынтыгын чыгарган. Ал эпостун идеялык-көркөм мазмунунун элдүүлүгү ж-дө тыянакка келген ж-а «Манастын» кыскартылган көшмө варианттын басып чыгаруу тууралуу чечим кабыл алган. Айрым жазуучулардын чыгармачылыгына ж-а бүтүндөй адабий процесске баа берүүдөгү олуттуу жаңылыштыктар Кыргызстан жазуучулар союзунун 9-пленумунда (1963) ачык көрсөтүлгөн. Пленумдун ж-а илимий конф-янын чечимдери респ-кадагы адабиятчылардын чыгармачылык ишине чоң таасир тийгизген.

Жаш кыргыз адабияты м-н сындын өнүгүшү адабият таануу илиминин пайда болушуна оболго түзгөн. Соз өөрүнүн теориясынын негиздери м-н окурмандарды тааныштыруунун алгачкы аракеттери 40-жылдардын башталышына таандык. Аларда кыргыз фольклорунун ж-а учурдагы жазма адабияттын ар түрдүү маселелери көзгөлгөн. К. Рахматуллиндин «Кыргыз адабиятынын пайда болушу» («Советская литература и искусство», Фрунзе, 1941, № 3), Ө. Жакишевдин «Кыргыз адабияты жана искусствосу» (ошондо, № 1—2), Х. Карасаевдин, М. Богдановдун «Адабият жана анын багыттары жөнүндө кыскача түшүнүктөр» («Советтик Кыргызстан», 1943, № 2, 3, 4, 5) ж. б. макалаларда фольклор м-н адабияттын ар түрдүү маселелерине биринчи жолу көңүл бурулуп, алардын ажырагыс биримдиги белгиленген. Алгачкы изилдөөлөрдүн илимий-теориялык деңгээли бирдей болбосо да, алар бул жаатташы мындан аркы изилдөөлөрдө түртүк берген. Мындай аракеттердин натыйжасы — «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерки» (1943). «Очерктин» авторлору М. Богданова, Ө. Жакишев, Т. Саманчин, К. Рахматуллин кыргыз фольклорунун ж-а жаңы жазма адабияттын тарыхы б-ча арбын материалды алгачкы жолу системага салышкан. Фольклорду конкреттүү тарыхый шарттардан ажыратып анализден, ага сын көз м-н мамиле кылбоо — биринчи тажрыйбанын көмчиликтеринин бири. Бул көрүнүш «бирдиктүү агым» теориясынан улам келип чыккан. Ушул эле көмчиликтер М. Богдановдун «Кыргыз адабияты» деген (М., 1947) илимий популярдуу очеркинде да орун алган. Бирок китепте фольклордун түрлөрүн классификациялап, кыргыздын жазма адабиятынын өнүгүшүнүн өтө жылдык мезгилин системага салгандыгы, жазма адабият м-н фольклорду карым-катышта кароого аракет жасагандыгы автордун ийгилиги болуп эсептелет. Эмгек жаш кыргыз адабият таануу илимин методологиялык негиздерин мындан ары чыңдоого негиз катары кызмат кылган.

50-жылдардын башынан тартып сын профессионалдык деңгээлге жетип, өз алдынча адабий жанр катары өнүгө баштаган. Көркөм сын өткөн жылдардагы эмгектерге тиешелүү идеялык-тематикалык анализ м-н гана чектелбей, проблемаларды изилдөөгө өткөн. Идеялык-эстетикалык ж-а көркөм талдоого көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. Адабий чыгармачылыкка вульгардык социологиялык мамиле кылуу элементтери кескин жоюлат. А. Салиевдин «Советтик чындыкты бурмалоого каршы», «Сындагы вульгаризациялоого каршы», «Кыргыз адабиятынын абалы жана милдеттери», Ш. Үмөталиевдин «Алыкул Осмоновдун поэзиясы жөнүндө», «В. Маяковскийдин кыргыз поэзиясындагы традициялары», К. Асаналиевдин «Орус классикалык жана совет адабиятынын традицияларынын кээ бир маселелери» деген сын макалалары («Советтик Кыргызстан», 1952, № 7; 1953, № 2, 11; 1954, № 7, 9; «Ленинчил жаш», 1954, 23-июль) буга далил. Көркөм сынга таланттуу жаш авторлор тобу кошулган. Алар сынды жаңы изилдоолор м-н байытып, аның ийгиликтерин бекемдешкен.

Адабият таанууга жаш күчтөрдүн келиши м-н (М. Борбугулов, К. Укаев, К. Артыкбаев, К. Бобулов, С. Жигитов, Т. Аскаров) кыргыз жазуучулары м-н төкмө акындардын чыгармачылыгы тереңдөөк изилдөө башталды. Айрым жанрдын, о. эле бүткүл адабияттын калыптануу процессин жалпылаштырган монографиялык мүнөздөгү эмгектер пайда болот: Б. Керимжановдун «Ж. Боконбаевдин чыгармачылык жолу» (1950), «Кыргыз совет адабиятына — 25 жыл» (1951); Ж. Таштемировдун «Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу» (1956), «Барпы Алыкулов» (1957); Ш. Үмөталиевдин «Аалы Токомбаев» (1956), «Алыкул Осмонов» (1958); К. Асаналиевдин «Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары» (1956), «Кыргыз совет прозасынын очерктери» (1-бөлүм — 1957; 2-бөлүм — 1966); С. Байкожоевдин «Жазгыч акындар» (1959); Б. Маленовдун «Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы» (1959). Коомдук илимдердин өнүгүшү, коммунисттик тарбиянын маселелери Кыргызстандын адабиятчылары м-н сынчыларынан көркөм чыгармачылыктын негизги проблемаларын изилдөөгө талап кылды. 50—60-жылдары улуттук проза, драматургия ж-а балдар адабиятынын, орус-кыргыз адабий байланыштарынын өнүгүү проблемаларын көзгөгөн китептер жарыланган. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерктери» деген коллективдүү эмгек 1960-ж. кыргыз тилинде, 1961-ж. орус тилинде чыккан. Бул жыйнакты түзүүгө Б. Керимжанова, Ж. Таштемиров, К. Асаналиев ж. б-лар активдүү катышкан. «Очерктерде» кыргыз адабиятынын кырк жылдык өнүгүшүнүн жыйынтыктары системага салынып жалпылаштырылган, айрым жанрлардын өнүгүү жолу көрсөтүлүп, кыргыздын көркөмдүү токмө акындары м-н профессионал адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармачылык портреттери берилген. Китепте көркөм сындын, адабият таануунун ж-а көтөрмө өнөрүнүн тажрыйбасына илимий ой жүгүртүүгө аракет жасалган. Бирок «Очерктердин» айрым главалары жогорку илимий-теориялык деңгээлде жазылган эмес. Аларда методологиялык мүнөздөгү олуттуу көмчиликтер болгон (историзм принциби так сакталбаган).

50-жылдардын аягы — 60-жылдардын башында кыргыз адабият таануусу М. Борбугулов, К. Рысалиев, Р. Кыдырбаева, А. Садыков, К. Бобулов, К. Артыкбаев, Т. Аскаров, С. Жигитов ж. б-лардын илимий эмгектери м-н толукталган. Адабият таануунун маанилүү адабий проблемаларга алда канча көбүрөөк көңүл бөлүнүп, изилдөөлөрдүн чектери кеңейди, теориялык негизи бекемделди. Адабияттагы улуттук ж-а интернационалдык көрүнүш (А. Садыков), жацычылдык м-н салт (К. Бобулов — прозада, С. Жигитов — поэзияда), көркөм шарттуулуктун эстетикалык табияты (Т. Аскаров), жазуучулыктын чеберчилиги (К. Артыкбаев), кыргыз ыр түзүлүшү (К. Рысалиев), адабий байланыштар (Д. Кулбатыров), көркөм көтөрмө (К. Жийдеева), «Манас» эпосунун поэтикасы (С. Мусаев, С. Бегалиев, Э. Абдылдаев), драматургия (М. Борбугулов), сатира (Х. Бапаев) ж. б. проблемаларды изилдөө башталган. Бул эмгектер адабият таануу илимин байытып, аның чектерин белгилүү өлчөмдө кеңейтти.

60—70-жылдар — кыргыз көркөм адабий сынынын жетилген убагы. А. Салиев, К. Асаналиев, М. Борбугулов ж-а Т. Аскаровдун борб. басма сөз органдарында жарыланган макалалары буга далил. К. Артыкбаевдин («Чалгын», 1962; «Изденүүлөр жана табылгалар», 1966; «Ар түрдүү издер», 1968; «Сын санары», 1970; «Чыгармалар жана ойлор», 1974), М. Борбугуловдун («Түрмуштун төрөөчү көздөй», 1967; «Уяң-кыйырсыз жол», 1968;

«Кенч капкасын ачып...», 1975), К. Бобуловдун («Адабий турмуш ойлору», 1965; «Адабият жана мезгил», 1973; «Сын жана адабий процесс», 1976), К. Асаналиевдин («Корком бийиктиктер», 1974; «Ордон орго», 1977; «Доор менен бирге», 1978), Ш. Умоталиевдин («Чындык жана чыгарма», 1964), С. Жигитовдун («Жаңычылык жолунда», 1975; «Корком сөз маселелери», 1982), К. Укаевдин («Турмуш жана ыр», 1968; «Сөз кудурети», 1972), Т. Аскаровдун («Корком образдар дүйнөсүндө», 1967; «Сындын бийик милдети», 1972; «Жетилүү жолунда», 1977), А. Токтогуловдун («Поэзияга мамиле», 1975), К. Даутовдун («Ырдын омуру», 1977; «Жаңы чектерге», 1980), С. Карымшаковдун («Корком сөз күчү», 1978), А. Садыковдун («Проблемалар жана ойлор», 1973; «Эл достугу — адабияттардын достугу», 1977) ж. б. у. с. адабий-сын макалалар жыйнактары, сындын сапдык ж-а санаттык өсүшүн күболоп турат. Кийинки жылдарда сын өзүнүн чыгармачылык негизин бекемдеди, эстетика, социология ж-а адабият таануу илимдеринин жетишкендиктери м-н байып жатат.

Кыргыз адабият таануу илими корком сын м-н бирге 70-жылдарда бүткүл союздук аренага чыга баштады. А. Салиев, М. Борбугулов, К. Бобулов, Т. Аскаров, А. Садыков коллективдүү эмгектерди түзүүгө катышып жатышат. 1970-ж. Москвада «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» чыкты. Бул — кыргыз адабиятын бүткүл союздук окурманга алда канча толук тааныштырган биринчи эмгек. М. Борбугуловдун «Интернационалдык менен улуттуктун биримдиги» (М., 1979) деген монографиясы да жарык көрдү.

Азыркы кыргыз адабият таануу илими маркстик-лениндик эстетиканын методологиясын, сов. адабият таануу илиминин мыкты жетишкендиктерин чыгармачылык м-н өздөштүрүүдө. Ал өзүнүн илимий арсеналын эстетика, социология, иск-во таануу, тарых, философия, тил илими ж. б. у. с. тапантаң илимдердин элементтери м-н байытып жатат. Кыргыз адабият таануусу башка элдердин адабият таануу илими м-н тыгыз байланышта өнүгүп келген. «Манас» эпосун алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири М. Ауэзов анын өнүгүшүнө көп эмгек сиңирген. Ал эпосту пропагандалоодо, вульгардык-социологиялык сындан коргоодо чоң роль ойногон. Г. Ломидзе, З. Кедрина, З. Г. Осмонова, Л. И. Лебедева, Е. К. Озмитель, М. А. Рудов, Ч. Т. Жолдошева, А. В. Жирков, В. Я. Вакуленко азыркы кыргыз адабият таануусуна өз салымын кошушту.

Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун кызматкерлери, респ-каның башка ил. из. мекемелеринин окумуштуулары м-н бирге кыргыз адабиятында соц. реализмдин калыптанышы, салт ж-а жаңычылдык, улуттук м-н интернационалдыктын байланышы, ыр түзүлүшү ж-а оозеки эл чыгармачылыгы сыяктуу теориялык маселелерди иштоодо. Респ-каның адабиятчылары мезгилдүү басма сөздүн, «Ала-Тоо» ж-а «Литературный Киргизстан» адабий журналдарынын беттерине учурдун өзгөчө маанилүү маселелерине арналган макалаларды тез-тез жарыялап турушат. *К. Даутов*

Дунган таануу. Дунган таануу — сов. чыгышы таануу мектебинин багыттарынын бири. 1928-ж. Фрунзеде Жаңы алфавиттин кыргыз комитетинин, андан кийин Кыргыз тили м-н жазуусунун ил. из. ин-тунун түзүлүшү м-н дунган маданиятын изилдөө б-ча иш башталган. Изилдөө негизинен дунган тааануунун адабий лингвистикалык проблемалары б-ча жүргүзүлгөн. 30-жылдарда Москва м-н Ленинград чыгыш тааануу борборлорунун о. азиялык дунгандарга кызыгуусу арткан. Сов. көрүнүктүү синолог илимпоздор В. М. Алексеев, Е. Д. Поливанов, А. А. Драгуновдор дунгандар үчүн фонетикалык жаңы жазууну түзүүдө ж-а ишке ашырууда практикалык зор жардам көрсөтүшкөн. Е. Д. Поливановдун активдүү жардамы менен ин-ттун кызматкерлери — Ю. Яншансин, Р. Магиев ж. б-лар дунган мектептери үчүн бир катар окуу куралдарын түзгөн. Отол эле жылдарда Алма-Ата ш-ында дунган тарыхы б-ча өкүнчү илимий борбор — Улуттук маданият ин-ту түзүлгөн. Ин-ттун кызматкерлери К. Маев, В. Ф. Шахматов, кийинчерээк Х. Юсуров дунган элинин тарыхы м-н маданиятынын маселелерин иликтешет. А. А. Драгуновдун демилгеси м-н Ленинградда Советтер Союзунун майда өлдөрүнүн өкүлдөрү үчүн төрт жылдык курстун ачылышы дунган улуттук маданиятынын өнүгүшүнө, өз эне тилинде башталгыч билим берүүнү уюштурууга, дунган адабиятынын түзүлүшүнө ж-а басма ишинин жолго коюлушуна жардам берген.

Тил илимин өнүктүрүүдө Е. Д. Поливановго чоң роль таандык. Ал 30-жылдарда дунган тили б-ча бир катар эмгектерди жарыялаган. А. А. Драгунов сыяктуу эле Е. Д. Поливанов кадрларды даярдоого активдүү катышкан. Анын окуучулары Д. Абдулин, К. Маев, Ю. Яншансин, Ю. Цуивазо, Р. Магиев, А. Калимов, Х. Бутазовдор — дунган тилин биринчи изилдегендерден. 1931-ж. СССР ИАнын Чыгыш тааануу ин-ту Кара-Көнүз ж-а Шор-Тобо айылдарына атайын экспедиция уюштурган. Андагы материалдардын негизинде Б. А. Васильев эмгек жазып, басмадан чыгарган. Бул эмгекте дунган тилинин диалектилери, Улуу Окт. рев-ясына чейинки ж-а андан кийинки дунган фольклорунун үлгүлөрү, дунгандардын турмуш тиричилиги каралган, социалдык составына мүнөздөмө берилген. Цинь династиясына каршы чыккан дунган элинин улуттук-бошт. күймылынын проблемаларын изилдөөго которулуштун жетекчиси Бай — Янь-ху ж-догу (СССР ИАнын Чыгыш тааануу ин-тунун кабарлары, 1939, № 7) макала арналган. Макаланы экспедициянын активдүү мүчөлөрүнүн бири Л. И. Думан даярдаган. 30-жылдарда дунган адабияты Ф. Ощакевич, Э. Беккер, Е. Сикар ж. б-лар тарабынан изилдене баштап, дунган поэзиясы ж-а фольклору ж-дө макалалар пайда болгон. 40-жылдарда Н. Н. Миклухо-Маклай атн. Этнография ин-ту Кыргызстанга бир катар экспедицияларды уюштурган. Алардын натыйжасында ин-ттун эмгектеринде бир нече макалалар жарыяланган. Аларда дунгандардын антропологиясынын, турмуш тиричилигинин ж-а маданиятынын маселелери чагылдырылган. Дунган тааануунун өнүгүшүнүн жаңы этабы Кыргыз ССР ИАнын системасында 1954-ж. дунган тааануу секторунун түзүлүшүнө байланыштуу. Сектордун илимий кызматкерлери дунган элинин тилинин, тарыхынын, этнографиясынын ж-а ад-тынын маселелерин изилдөөдө. Бир топ изилдөөлөр, а. и. совет дунгандарынын тарыхы б-ча «Советтик дунгандардын тарыхынын очерктери» (1967), «Дунгандар» (1971) сыяктуу өтө маанилүү илимий эмгектер жарыяланган. Дунган тааануу боюнча окумуштуулардын көпчүлүгү — дунган элинин өкүлдөрү. *М. Сушанло*

ТАБИЯТ ИЛИМДЕРИ

Математика. 1940-жылдардан Фрунзеде Г. А. Сухомлиновдун жетекчилиги м-н математикалык семинар уюштурулуп, математикалык изилдөөлөр башталган. 1951-ж. КМУ негизделип, физика-математика б-ча изилдөөлөр күчөйт. 1955-ж. Кыргыз ССР ИАнын Президиумунун астында физика ж-а математика бөлүмү уюшулган, ал 1960-ж. математика тармагындагы изилдөөлөрдү пландуу өнүктүрүү үчүн база болуп калган. Физика ж-а математика ин-ту болуп кайра түзүлгөн. Тармактык ил. из. негизинен төмөндөгү багыттар б-ча жүргүзүлөт:

Алгебра, сандар теориясы, геометрия, топология, математиканы окутуу методикасы. Сызыктуу алгебра ж-а сандар теориясы тармагында Римандын даражалуу дзета-функциялуу Дирихле катарлары б-ча (Ж. С. Мустафин), алгебралык теңдемелерди чыгаруунун алгоритмдерин түзүү (С. В. Огай) б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Геометрия ж-а топология б-ча изилдөөлөрдү Б. Абакиров, В. Д. Фёдоров, Б. В. Опеленděр, З. Кутманов, А. Борубаев, Э. Барыктабасов ж. б. жүргүзүшөт. И. Бекбоев, М. Н. Назаров, С. Мусаев ж. б-дын изилдөөлөрү мектептер м-н жогорку окуу жайларда математикадан сабак берүүнүн методикасынын ар түрдүү аспектилерине арналган.

Интегро-дифференциал теңдемелери (мындан ары текстте И.-д. т.) жана аларга жакындоочу теңдемелер.

Интегралдык теңдемелер. Чыгарылыштын туруктуулугу, Вольтерра типиндеги сызыктуу бир тектүү эмес интегралдык теңдемелер системаларынын чектүү мезгилдүү ж-а дээрлик-мезгилдүү режимдеринин ж-а чыгарылыштарынын туруктуулугу белгиленген; сызыктуу ж-а сызыктуу эмес операторлук теңдемелердин чыгарылыштарынын туруктуулугунун ж-а туруксуздугунун шарттары алынган; жалпыланган функциялардын мейкиндигинде интегралдык теңдемелердин чыгарыла тургандыгы б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн; айрым интегралдык барабарсыздыктар изилденген (Я. В. Быков, И. Н. Гурьянов, К. Д. Шамгунов ж. б.).

Коши маселеси ж-а И.-д. т. үчүн четки маселелер. Сызыктуу ж-а сызыктуу эмес И.-д. т. үчүн Коши маселесинин чыгарылышы белгиленген; кочкүүчү аргументтүү ж-а нейтралдуу типтеги И.-д. т. үчүн баштапкы маселелердин чыгарылыштарынын болуу шарттары алынган; кадимки И.-д. т. ж-а айрым туундулуу И.-д. т. үчүн көп бир маселелер коюлган ж-а чыгарылган (Я. В. Быков, А. И. Егоров, Л. Е. Кривошеин ж. б.).

И.-д. т-нин мезгилдүү, дээрлик-мезгилдүү ж-а чектүү чыгарылыштары. Сызыктуу ж-а көп бир класстагы сызыктуу эмес И.-д. т. системаларынын мезгилдүү, дээрлик-мезгилдүү ж-а чектүү чыгарылыштарынын болушунун зарыл ж-а жетиштүү шарттары алынган; резонанс учурунда жоноко дифференциал теңдемелердин ж-а айрым туундулуу дифференциал теңдемелердин системаларынын мезгилдүү чыгарылыштары түзүлгөн (Я. В. Быков, М. Иманалиев, Г. Ф. Яковлева, А. И. Боташев, Ж. Мамытов, К. Алымкулов ж. б.).

И.-д. т. чыгарылыштарынын асимптоталык көйгөйлөрү ж-а туруктуулугу. Өзгөчө чыгарылыштар. Кечигүүчү аргументтүү дифференциал теңдемелер. И.-д. т-нин чыгарылыштарынан көз бир функциялардын ж-а чыгарылыштардын чектүү пределине умтулуулардын ж-а чектелүүлөрдүн жетиштүү шарттары алынган; түрдүү И.-д. т-нин чыгарылыштарынын туруктуулугунун жетиштүү шарттары аныкталган; И.-д. т-нин көз бир класстарына асимптоталык баалар чыгарылган; И.-д. т-нин көз бир класстарынын өзгөчө чыгарылыштарынын бар экендиги аныкталган; кечигүүчү аргументтүү дифференциал теңдемелердин чыгарылыштарынын асимптоталык көйгөйлөрү ж-а мейкиндиктин асимптоталык чектүү өлчөмдүүлүк касиети изилденген (Я. В. Быков, М. Иманалиев, А. И. Егоров, Ю. А. Ведь ж. б.). Дифференциал теңдемелердин системаларынын чыгарылыштарынын туруктуулугуна ж-а туруксуздугуна интегралдык дүүлүгүүнүн таасири көрсөтүлгөн (М. Иманалиев, Ю. А. Ведь). Мезгилдүү чыгарылыштарды ж-а дифференциал ж-а И.-д. т-нин чыгарылыштарынын туруктуулугун изилдөөлөрдүн натыйжалары б-ча М. Иманалиев «Сингулярдык дүүлүккөн интегро-дифференциалдык системалардын чыгарылыштарынын өзгөрүүлөрү жана туруксуздугу» (1974) деген монографиясын жазган.

Жогорку туундудагы кичине параметрлүү И.-д. т. 1955-жылдан М. Иманалиев жогорку туундудагы кичине параметрлүү И.-д. т. теориясын изилдөөдө. Ал жогорку туундудагы кичине параметрлүү сызыктуу эмес И.-д. т-нин асимптоталык ажыроосунун жаңы методун сунуш кылган; тактыктын алдын-ала берилген ар кандай даражасындагы асимптоталык ажыроолор алынган: 1) мезгилдүү, дээрлик-мезгилдүү жана чектүү чыгарылыштар; 2) интегралдык шарттагы четки маселелердин чыгарылышы; 3) Коши маселелеринин чыгарылышы. К. Какишов, Р. Тазабеков ж. б. жогорку туундудагы кичине параметрлүү И.-д. т-нин изилдөөлөрүнүн түрдүү аспектилери б-ча маанилүү натыйжаларды алган. Жогорку туундудагы кичине параметрлүү И.-д. т. б-ча изилдөөлөрдүн натыйжалары «Сингулярдык-дүүлүккөн интегро-дифференциал системалар теориясындагы асимптоталык методдор» (М. Иманалиев, 1972) монографиясына негиз болгон.

Жакындатылган ж-а символдук методдор. Л. Е. Кривошеиндин ж-а анын шакирттеринин эмгектери И.-д. т. үчүн түрдүү маселелерди чыгаруунун жакындатылган методдоруна арналган. Чыгаруунун көз бир символдуу методдору иштелип чыккан ж-а И.-д. т-пе ж-а теңдемелердин башка типтерине колдонулган (Я. В. Быков, А. И. Боташев, В. Д. Фёдоров, А. А. Ханров).

Айырмалык теңдемелер. Флоке теориясы түзүлгөн ж-а четки айырмалуу теңдемелердин көз бир класстары үчүн мезгилдүү, дээрлик-мезгилдүү ж-а чектүү чыгарылыштары бар экени изилденген; Микусинскийдин операторлук эсептөөсүнүн дискреттүү аналогу иштелип чыккан ж-а четки айырмалуу теңдемелерге анын колдонмосу берилген; четки айырмалуу теңдемелерди чыгаруулардын анализдик күймылы ж-а туруктуулугу изилденген (Я. В. Быков, А. И. Боташев, С. Каримов ж. б.).

Математикалык физика. Проф. Ф. И. Франкль Кыргызстанда математикалык физика б-ча изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Ал ж-а анын шакирттери гидродинамика, газ динамикасы, салыштырмалуулуктун атайын теориясы, жер бетиндеги серпилгич толкундардын таралышы, гидрометеорология б-ча бир катар маанилүү натыйжаларды алышты (Э. Дүйшеев, К. Чадаева, Ж. Саламатов ж. б.).

Функциялык анализ. Нормаланган-санаттуу мейкиндиктерде бисызыктуу функциялардын ж-а сызыктуу операторлордун тартиби деген түшүнүк киргизилген ж-а ал колдонууга берилген (В. Д. Фёдоров). Сызыктуу эмес теңдемелердин чыгарылышынын туруктуулугунун шарттары белгиленген (А. П. Пратов). Көп өлчөмдүү учурда сызыктуу эмес теңдемелердин аз чыгарылыштарынын тармактануу проблемасын изилдөөнүн чектүү методдору иштелип чыккан, квазисызыктуу дифференциал теңдемелердин мезгилдүү чыгарылыштары ж-дө Пуанкаре маселесине тиркемелер берилген, натыйжалары «Көп өлчөмдүү тармактануу теориясындагы чектүү методдор» монографиясы түрүндө жалпыланган (А. И. Боташев).

Ыктымалдуулук теориясы. Ыктымалдуулук теориясы б-ча изилдөөлөрдү акад. С. Х. Сираждиновдун шакирттери жүргүзүп жатышат (С. Идрисова ж. б.).

Вариациялык эсептөө жана оптималдуу башкаруу. Болуштүрүлгөн параметрлүү системаларда оптималдуу процесстер б-ча бир катар фундаменттик натыйжалар алынган: параболалык, гиперболалык ж-а эллиптик экинчи тартиптеги теңдемелердин системалары м-н эсептеп чыгарылган процесстер үчүн максимум принцибинин формасында башкаруунун оптималдуу зарыл шарттары белгиленген; болуштүрүлгөн параметрлүү көз бир дискреттүү системалардагы оптималдуу процесстер изилденген; которуштуруу процесстери үчүн оптималдуу тез аракеттенүү маселесинин жакындатылган чыгарылышы алынган (А. И. Егоров, Т. Абдыкеримов, Б. М. Распопов ж. б.). Ирригациялык курулмалардын типтүү объектилеринин математикалык моделдери изилденген.

Эсептөө математикасы жана кибернетика. Сызыктуу программалоо. Сандык методдор м-н гидромеханиканын ж-а ядролук физиканын айрым бир маселелери чыгарылган (Ш. Д. Шамгунов, Ш. Кенжебаев). ЭЭМде далилдөөчү эсептөөлөрдүн методу иштелип чыккан, анын жардамы м-н бир катар теоремалар далилденген(И. С. Панков). Автоматтар теориясы ж-а категориялар теориясына байланыштуу бир

катар натыйжалар алынган (М. Я. Медведев). Математикалык программалоонун кээ бир маселелеринин: томпок функционалдуу сызыктуу эмес транспорттук маселенин, болчектүү программалоонун бир экстремалдык маселелеринин, болчок функционалдуу томпок программалоонун маселесинин аналогу ж. б. чыгарылыш методдору изилденген (Ю. П. Черпов, И. Д. Степаненко ж. б.). Сызыктуу программалоонун методдору дифференциал теңдемелердин тескери маселелерин чыгарууга колдонулган (М. Жороев). Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунун тез эсептоочу «Урал», «Минск-1», «Минск-22», «БЭСМ-4М» ж-а «ЕС 10-22» ЭЭМдери эсептеп чыгаруунун базасы болгон.

Колдонмо математика. Тоо-кен механикасынын талабына байланыштуу аракеттенүүдөн кийинки кубулуштардын айрым маселелери изилденген, Ю. Н. Работновдун атайын функцияларынын касиеттери ж-а ушуга байланыштуу интегралдык операторлордун коптогон маселелери изилденген; ото сезгич приборлорду долбоорлоодо пайдаланылуучу теңдемелер системаларынын инварианттуулук шарттары белгиленген (Я. В. Быков, А. И. Боташев). Жылыш жүрмө ж-а релаксациялоочу ядролорду аныктоо маселелери б-ча бир катар иштерди М. Иманалиев, В. К. Востров м-н бирдикте аткарган. 70-жылдардан корректтүү эмес маселелер: биринчи түрдөгү интегралдык теңдемелерди чыгаруу маселеси, И.-д. т-нин айрым типтери үчүн коэффициенттерди ж-а алгачкы шарттарды калыбына келтирүү маселеси мыкты изилденген (М. Иманалиев, М. Жороев, А. Саадабаев, Э. Р. Атаманов ж. б.). «Сызыктуу эмес тескери маселелерди чыгаруу методдору жана алардын колдонулушу» (М. Иманалиев, 1977) аттуу монография ушул тармактагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгы болгон.

1983-жылга Кыргызстандын математиктеринин 1000деп ашуун илимий эмгектери, алардын ичинен 10дон ашык монографиясы жарыяланган. Мамлекеттик фондуга алгоритмдер ж-а 4 алгоритмдин программалары кошулган, ойлоп табууга автордук күбөлүк алынган (М. Иманалиев). Респ-канын математиктери эл аралык ж-а бүткүл союздук коптогон математикалык форумдарда чыгып сүйлөшкөн. Фрунзе ш-нда сингулярдык-дүүлүккөн интегро-дифференциалдык ж-а дифференциалдык теңдемелер теориясындагы асимптоталык методдор ж-а алардын колдонулушу (1975) ж-а корректтүү эмес коюлган маселелер б-ча (1979) бүткүл союздук конф-ялар өткөрүлгөн.

М. Иманалиев, М. Жороев

Физика. Физика илиминин өнүгүшү СССРдин 50 жылдыгы атп. Кыргыз мамл. университетинин (КМУ, 1951) ж-а Кыргыз ССР ИАнын (1954) уюштурулушу м-н байланыштуу. Буга чейин физика тармагындагы изилдөөлөрдү ленинграддык профессор В. А. Зибердин ж-а доцент И. И. Балогдун жетекчилиги астында Кыргызстан педагогика ин-тунун айрым окутуучулары жүргүзгөн. КМУ ачылгандан кийин физика-математика факультетинде теориялык физиканын, асыресе гидроаэродинамиканын маселелери иштеле баштаган (Ф. И. Франкль). Атом спектр анализи (Л. А. Спектров) ж-а катуу нерсенин физикасы тармагында (Ю. С. Терминасов) изилдөөлөр башталган. Физика б-ча изилдөөлөрдүн бул багыттары респ-када кийинки мезгилде кеңири өнүктү. 60-жылдары физика б-ча изилдөөлөр айрыкча кеңири кулач жайган. Физика ж-а математика ин-ту ачылган. Ин-ттун лабораториялары квалификациялуу кадрлар м-н толукталып, жаңы жабдуулар м-н жабдылган. Физика б-ча изилдөөлөр негизинен ушул ин-тта жүргүзүлөт. Мындан тышкары, жогорку окуу жайларынын физика кафедралары да айрым проблемаларды чечүүгө катышууда. Кыргыз ССР ИАда жүргүзүлгөн атом ядросунун колдонмо физика тармагындагы изилдөөлөрүндө ядролук геофизика (П. И. Чалов) ж-а анализдөөнүн (заттардын изотоптук ж-а элементтик составын) ядролук-физикалык методдору кеңири белгилүү. Заттардын микросандык анализинде маанилүү артыкчылыкка ээ болгон масса-спектрометриянын негизинде ж-а ядролордун ажыроосунда пайда болгон сыныктарынын эсебинен элементтердин изотоптук составын өлчөөнүн прецизиондук методдору иштелип чыккан. Гамма-нурлануу спектри б-ча о. ж. продуктуларынын радиациялык тазалыгын контролдоо методу иштелип чыккан ж-а өндүрүшкө киргизилген, о. эле технологиялык эритиндилердеги ж-а акыркы продукциянын айрым же топ элементтерди аныктоонун селективдүү гамма-абсорбциялык методу химиялык технология ишканалары үчүн чоң маанике ээ. Ядролук геофизикадагы негизги эмгектер уран 234, уран 238дин (В. В. Чердынцев, П. И. Чалов) табигый ажыроосун изилдөөгө байланыштуу. Бул кубулуш ачылып катары катталган. Эмпирикалык белгиленген негизги закон ченемдерди түшүндүрүүчү көрсөтүлгөн кубулушка жаңы механизм сунуш кылынган, уран кен байлыктарындагы экинчи процесстерди изилдөө үчүн тең салмаксыз уранды пайдалануу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн, тең салмаксыз уран б-ча ядролук геохронология методу иштелип чыккан. Асыресе, ушул метод б-ча О. Азиянын ж-а Казакстандын ири континенттик сууларынын (Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Арал деңизи, Балкаш, Ала-Көл) абсолюттук жыл эсебинин узактыгы ж-а алардын тарыхынын айрым этаптары аныкталган. Жер астындагы суулардын калыптанышынын ж-а айланышынын изотоптук модели Кыргыз ССР геология башкармасында кабыл алынган.

Колдонмо атом физикасы тармагында алкактуу магнит индукторун пайдалануу м-н электрондордун ургаалдуу релятивдүү агымын түзүүчү эсептоонун теориялык методу ж-а түзүлүшү иштелип чыккан (П. А. Рязин). Транспорт агымындагы элементтердин өркүн тоотолуулардын байланышсыз фотонейтрондуу анализдөө методу сунуш кылынган. Респ-када атом спектроскопиясы ж-а төмөнкү температуралык плазма б-ча изилдөөлөр кеңири жайылтылган. 1951-ж. КМУда спектр анализинин илимий лабораториясынын ачылышы респ-када спектроскопиялык иштерди өнүктүрүүдө ж-а атом спектроскопиясы б-ча биринчи адистерди даярдоодо чоң роль ойноду. Лабораториянын кызматкерлери электр жаасынын теориясын өнүктүрүүдө зор мааниге ээ болгон турукту токтун жаасынын калың катмарында заттардын өтүү процесстерин изилдешкен. Иштелип чыккан спектр методдору Чымкент коргошун з-дунда, Усть-Каменогорскиде, Темир-Тоо металлургия з-дунда, Балкаштагы жез эритүү, Кыргызстан тоо-кен металлургия комбинаттарында о. ж. продуктуларын анализдөөчү з-д лабораториясынын практикасына киргизилген.



СССРдин 50 жылдыгы атп. Кыргыз мамл. университетинин катуу телолордун физикалык лабораториясында.

Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунда атом ж-а молекула спектроскопиясы (Ж. Жээнбаев, В. С. Энгельшт) деген жалпы союздук проблема б-ча ил. из. иштери аткарылууда. Бул багыттагы фундаменттик изилдөөлөр төмөнкү температуралуу плазмадагы физикалык ж-а физика-химиялык процесстерди изилдөөгө, жарыктын жаңы булактарын түзүүгө, спектр анализинин натыйжалуу физикалык методдорун иштеп чыгууга ж-а киргизүүгө, о. эле жаа разрядынын теориясы м-н плазматронду өнүктүрүүгө арналган. Иштеп

түттүн окумуштуулары ачык атмосферада же газда жүрүүчү плазманын электр-магниттик ылдамдануусун ж-а плазманын агымсыз куюлушун эсепке алуу м-н газдын агымындагы электр жаасынын математикалык моделин түзгөн. ЭЦЭМдө чектүү айырма методу м-н магнит-газ-динамикалык чек катмардын дифференциалдык теңдемелер системасынын чыгарылыш алгоритми иштелип чыккан ж-а ишке ашырылган. Абелдин ж-а Вольтерддин биринчи түрдөгү интегралдык теңдемелеринин чыгарылыш методу ж-а алгоритми иштелип чыккан. Иштелип чыккан жаңы математикалык моделдер ж-а эксперименттик иштердин цикли плазманы диагноздоонун методдорунун комплексин түзүүгө ж-а пондолгон газда жылуулук, динамикалык ж-а нур чыгаруучу механизмдердин жеткиликтүү толук сүротун алууга мүмкүндүк берди. Изилдөөлөрдүн натыйжалары ушул тармактагы советтик ж-а чет өлкөлүк адистердин обзордук ж-а монографиялык эмгектеринде кирди.

Теориялык ж-а экспериментгик изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөнкү температуралуу плазманын электр-дик генераторлору — плазмотрондордун жаңы конструкциялары иштелип чыккан. Башкаларда ал стабилдүүлүү ж-а тыпмсыз иштөөнүн узак ресурсу м-н айырмаланат, ал плазмохимияда, плазмалык металлургияда ж-а эл чарбасынын башка тармактарында колдонулууда. Респ-канын о. ж-ның керектөөлөрүн эсепке алуу м-н тоо-кен ишканаларында даяр продукцияны контролдоонун масеалык каражаттарынын бири болгон спектрдик анализдөө үчүн плазмотрондордун тиркемесине өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Иштелип чыккан спектрдик методдор м-н бирге кыргыз илимпоздорунун плазмотрондору бир нече жылдардан бери өлкөнүн бир катар ишканаларында колдонулууда ж-а заттардын составы атомдук спектрдик анализдөөнүн сапатын кескин көбөйтүүгө мүмкүндүк берүүдө. Плазмотрондордун плазмасынын тышкы агымына үлгүлөрдү киргизүүнүн оригиналдуу чубурма жолдору үчүн автордук күбөлүктөр берилген ж-а ал о. ж-да колдонулууда. Атомдук спектроскопия тармагында плазманын статистикалык микроталаасындагы дүүлүккөн атомдорду спонтандык пондоштуруунү эске алуу м-н сериянын чек арасында суутектин спектр теориясы такталган.

Кристалл-физика тармагында дислокациялардын жыштыгы аз болгон таза ж-а аралашма кристаллдарды алууга мүмкүн болгон эритиндилерден кристаллдарды өстүрүү методу жакшыртылган (А. Алыбаков). Кыргыз илимпоздору ар кандай типтеги структуралуу кош сандагы пондуу кристаллдарды, анын ичинен NaCl тибиндеги структуралуу жегич-галлоиддик кристаллдарды, калий дигидрофосфат, күкүрт кычкыл литий, поддуу кислота, калий бифталат, бихромат ж. б. кристаллдарды синтездеген. Жогорку сапаттуу өстүрүлгөн кристаллдар медициналык приборлор м-н лазер установкаларында колдонулат. Электрондук парамагниттүү резонанс методу м-н өстүрүлгөн кристаллдарды изилдөөдө бир катар оригиналдуу натыйжалар алынган. Ушул тармакта декорациялоонун азыркы физика-химиялык методу пайдаланылып, металл эмес монокристаллдардын физикалык касиеттерине изилдөөлөр жүргүзүлгөн (А. Шалпыков). Жегич-галлоиддик кристаллдардагы экивалентүү кошундулардын болүнүшү изилденген, о. эле кошундулар м-н легирлоонун натыйжасында катуу эритиндинин пайда болушу ж-а алардын ажыроо кинетикасы белгиленген. Бул кристаллдардагы электр өткөргүчтүүлүк ж-а диэлектрдик жоготуулар комплекс түзүү процессине, о. эле башка валенттүү кошундулардан аларды тазалоо процессине коз карандылыгы эксперимент жүзүндө ырасталган.

КМУда ж-а респ-канын башка жогорку окуу жайларында металлдардын ж-а куймалардын бышыктыгынын ж-а пластикалуулугунун физикалык проблемасы б-ча илимий изилдөөлөр жүргүзүлүүдө (Л. В. Тузов, А. Г. Яхонтов, Т. В. Карашев). Респ-канын илимпоздору термдик ж-а механикалык таасир, фазалык бөкитүү учурунда металлдардын жука структурасынын пайда болуу закон ченемдерин изилдешүүдө. Болоттун, темир-никель ж. б. куймалардын пластикалуулугуна ж-а бышыктыгына фазалык кубулуштардын тийгизген таасири изилденүүдө. Темир-никель куймаларындагы мартенситтик өзгөрүштүн кинетикасы м-н кристаллографиясынын механизмин тактоочу жыйынтыктар алынган. Когеренттүү нурлануунун кубаттуу булагы — лазердин таасири астында жегич-галлоиддүү кристаллдардын ж-а айрым металлдардын бузулушу изилденген. Куйманын сыныктарынын үстүнкү бетинин химиялык составын аныктоо ж-а кандан ширетпи бириктирилген жерлердеги, көп катмарлуу капгоолордогу элементтердин бөлүштүрүлүшүн үйрөнүү методу иштелип чыккан. Бул метод өздөштүрүлгөн ж-а ал Сибирь физика-техника ин-тунун, Новокузнецк политехника ин-тунун, МГУнун химия факультетинин лабораторияларында ж. б. мекемелерде пайдаланылууда. Респ-када металл-физикасы б-ча илимий изилдөөлөрдүн көпчүлүгү чарбалык эсеп негизинде о. ж. ишканаларынын суроо-талабы б-ча жүргүзүлөт. Бул өңдүү иштер Кыргызстандын, Казакстандын, Москванын ж-а өлкөнүн башка шаарларынын ишканалары үчүн аткарылат.

Фрунзе политехника ин-тунда плазманы диагноздоо максатында ж-а бир катар приборлорду: газ-разряддуу фаза айландыргыч, антенна, плазмалык күчөткүчтөр, генераторлорду ж-а кайра өзгөрткүчтү колдонуу үчүн, о. эле термолдро установкасында плазманы ысытуу үчүн жогорку жыштыктагы электр-магнит толкундарынын плазма м-н өз ара аракети изилденген. Плазманы диагноздоо үчүн голография методдорун пайдалануу иштери жүргүзүлүүдө. Пржевальск педагогика ин-тунун илимпоздору катуу перне физикасынын маселелерин чечүүдө. Алар металлдардын түзүлүшүнө рентгенографиялык изилдөө жүргүзүшкөн, тышкы электр ж-а механикалык аракеттерге жегичтүү-галлоид бирикмелүү катуу эритмелердин термодинамикалык туруктуулугун текшеришүүдө. Ош педагогика ин-тунун илимий лабораториясында кристалл-фосфор люминесценция тармагында илимий иштер жүргүзүлүүдө. Мында иштер негизинен эки багыт б-ча жүргүзүлөт: жегич-галлоиддүү кристалл-фосфордогу электрон-кондойлүү ж-а пондуу процесстер ж-а фотостимуляция учурунда рентген нурларынын таасири астында жегич-галлоиддүү кристалл-фосфордогу изотермдик релаксациялык процесстер изилденүүдө.

Радиофизика тармагындагы изилдөөлөр негизинен Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунун 3 лабораториясында жүргүзүлөт (С. Аманов, К. А. Карымов, Т. Орозобаков). Бул лабораторияларда тоолуу шарттарда ультракыска толкунду (УКТ) таратуу ж-а пассивдүү рентрансляциялоо закон ченемдерин теориялык ж-а экспериментгик изилдөө жүргүзүлүп жатат. Мындай изилдөөлөрдүн натыйжалары өлкөнүн бийик тоолуу райондорунда байланыштын радиорелелүү линиясын ж-а телеберүүлөрдү уюштуруу үчүн эң маанилүү. Радиофизиктер респ-канын байланыш системасына бийик тоолордун беттерине же чокуларына орнотулган активдүү рентрансляциялык станцияларын аз кубаттуу автоматтык телекөрсөткүч ретрансляторлорду тейлөөнү жеңилдетүүчү пассивдүү рентрансляторлордун ар кандай типтери киргизишти. Алар кабылдагыч ж-а берүүчү пункттарынын ортосунда түзүлгөн Френелдин жуп зоналарындагы алитты карангылатуучу шакектер системасынан турган зоналык антенна жалгамасын иштеп чыгышкан. Зоналык антенна жалгамасы колдонулуучу активдүү антенналардын натыйжалуу аралын адекваттуу көбөйтүүгө болгон кабыл алуучу чекиттердеги талаанын чыңалышын күчөтүү үчүн иштеп жаткан Чолпон-Ата — Оргочор радиорелелүү линияда биринчи жолу колдонулган. Радиофизиктер респ-каның тоолуу шарттарында жабык ж-а ачык трассалардагы УКТни таратууга метеорологиялык шарттардын тийгизген таасирин изилдешүүдө. Метеорлордун

издерипин дрейфтери радиолокациялык метод м-н изилденүүдө, бул 80—100 *км* бийиктиктеги шамалдын динамикасын аныктоого ж-а атмосфераның томонку катмарларына аның реакциясын үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Тыгыздыктын, басымдын ж-а температуранын флуктуациясын олчоо методдору да иштелип чыгууда. Илимпоз-радио-физиктер тарабынан кабыл алынып жаткан сигналдардын туруктуулугун аныктоонун статистикалык методдорун иштетүүнүн методикасын иштеп чыгуу б-ча теориялык изилдоолор жүргүзүлүп жатат. Көпүри жүргүзүлгөн эксперименттик изилдоолордун натыйжалары байланыштын радиорелелүү линияларын уюштуруу ж-а телеберүү үчүн тигил же бул трассаларды тандаган кезде кээ бир түзөтүү киргизүүгө жакшы мүмкүндүк берүүдө. Респ-када физика б-ча жүргүзүлүп жаткан иштердин анализи фундаменттик изилдоолор м-н бирге эл чарбасы үчүн түздон түз кызыгууну туудурган милдеттер да чечилип жаткандыгын көрсөтүп олтурат. Респ-канын эл чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планын эске алуу м-н плазма физикасы, атом физикасы, катуу перселер физикасы ж-а радиофизика жагынан изилдоолор коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, эл чарбасынын айрым тармактарын техникалык жактан мындан ары жабдуу максатында терендеп ж-а кецейип жатат. Анализдоонун натыйжалуу, экспресстүү физикалык методдорун, анын ичинде заттын составын кыска мөөнөттө аныктоо ж-а о. ж. продуктуларынын тазалыгына контролдук кылууга мүмкүндүк берүүчү атомдук-абсорбциялык, эмиссиялык, гамма ж-а масса-спектрометриялык, активациялык методдорду иштеп чыгуу б-ча изилдоолор кецейүүдө; жасалма, табигый металл эмес кристаллдардын чымыгы түзүлүшүн ж-а электр касиеттерин үйрөнүү б-ча ил. из. жумуштары жүргүзүлүп жатат. Курулуш ж. б. материалдарды плазмалуу технологиялык иштетүүнү өнүктүрүү б-ча да изилдоо башталды. *Ж. Жээнбаев*

Механика. Кыргызстанда механика б-ча ил. из. иштерин 50-жылдардын башынан тартып Кыргыз мамл. университети ж-а Фрунзе политехника ин-ту жүргүзө баштаган. КМУ түзүлгөн жылы (1951) проф. Ф. И. Франклдин жетекчилигинде суюктук ж-а газ механикасы б-ча илимий мектеп түзүлгөн.

1960-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-ту м-н Автоматика ин-ту механика б-ча изилдоолордү жүргүзүп жатат. Автоматика ин-тунда механиканын айрым маселелерин чечүүнүн үстүндө ж-а бул тармак б-ча респ-када бардык илимий изилдоолордү координациялоочу 3 бөлүм иштейт: механика ж-а тоо-кен үчүн машина таануу бөлүмү (жетекчиси Кыргыз ССР ИАнын академиги О. Д. Алимов), катуу перселин механикасы бөлүмү (жетекчиси Кыргыз ССР ИАнын академиги М. Я. Леонов) ж-а суюктук м-н газдын механикасы бөлүмү (жетекчиси проф. П. Бийбосупов). Механика б-ча изилдоолор респ-канын жогорку окуу жайларында ж-а тармактык ин-ттарда да жүргүзүлөт.

Суюктук, газ жана плазма механикасы. 50-жылдарда суюктук, газ ж-а плазма механикасы б-ча илимий иштер негизинен газдын үндөн тез ылдамдыктагы агымдарынын теориясы, кысылбаган суюктуктун гидродинамикасы ж-а релятивисттик газ динамикасы б-ча жүргүзүлгөн. Ф. И. Франкль ж-а аның шакирттери (З. Ф. Ефимов, Ю. П. Чернов, Т. Айтмурзаев, А. Арынов, Н. Аркабаев) жарыктын нурлануусун ж-а жутулушун эске алып, релятивисттик газ динамикасынын маселелери б-ча иштешкен. Кийин бул багыт релятивисттик астрофизика м-н байланыштырылып, магниттүү газ динамикасы ж-а плазманын динамикасы б-ча ил из. жүргүзүшкон З. Ф. Ефимов, В. С. Гурович, Т. Жүзүмкулов, А. Майрыков, Ө. Шаршекеев ж. б-дын изилдоолорүндө өнүккөн. Эркин беттүү агымдардын гидродинамикасы КМУда ж-а респ-канын башка жогорку окуу жайларында М. Ю. Абдылдаев, Э. Дүйшеев, Ч. Жаныбеков, Ж. Саламатов, С. Садыков, К. Чадаева ж. б. тарабынан иштелүүдө. Алар идеал суюктуктун агымдарынын ж-а кысылбаган суюктуктун тоскоолдуктарды айланып агып өтүүнүн теориясында оордук ж-а капиллярдуулук күчтөрүнүн аракетин эсепке албай ж-а эсепке алуу м-н түбү тегиз эмес идиш аркылуу суюктук агымдарынын теориясы, идеал суюктуктун жер астындагы гидродинамикасы б-ча натыйжаларды алышкан. Эркин беттүү суюктуктун мейкиндик агымын А. Айылчиев, М. Ю. Абдылдаев, Ж. Саламатов ж. б. изилденип жатышат. Ф. И. Франкль, П. Бийбосупов, Р. Усубакунов, Э. Керимгазиев, Ч. Жаныбеков ж. б. адиабаталык газдын үндөн тез ылдамдыктагы агымдарын изилдешкен. Алар эллипс-гиперболалык аралаш типтеги тендемелер үчүн жаңы четки маселелерди коюп ж-а аны чыгарышкан; тыгыздалып чукул өзгөрбогон жергиликтүү үндөн тез зонасы бар үн ылдамдыгына чейинки ылдамдыктуу агымдын көрүнүшү биринчи жолу курулган. Н. Карыбеков, А. Рыскулов, К. О. Табалдиева, Ж. Мамбеткулов ж. б. м-н бирдикте П. Бийбосупов жергиликтүү үн ылдамдыгына чейинки ылдамдыктуу ж-а үндөн тез ылдамдыктуу областы бар үн ылдамдыгына жакын агымдардын мисалдарын түзгөн. М. Иманалиевдин жетекчилиги м-н Ш. Д. Шамгунов кысылуучу суюктуктун бетине жумуру катуу персенин келип тийишинен сызыктуу ж-а сызыктуу эмес орнотулуштардагы процесстерди изилдеген.

Деформациялануучу катуу персенин механикасы. Деформациялануучу катуу персенин механикасы б-ча изилдоолор 60-жылдарда Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунда башталган. М. Я. Леонов тарабынан пластикалуулуктун математикалык теориясы, тактап айтканда, коп тегиздиктердегидей эле ар бир тегиздиктеги сапаалаган багыттардын бири б-ча болуп жаткан локалдык жылмышуулардын ошол теорияга негизделген интенсивдүүлүк түшүүгө иштелип чыгууда; жылмышуулардын интенсивдүүлүгү аркылуу билинген жылышуу каршылыгынын так аныктамасы берилген. М. Я. Леонов сейсмдик термелүү учурунда серпилгичтиктин чегинен тышкаркы кескин осуучу резонанс теориясын сунуш кылган, берилген абалга жакын бир эркин даражалуу термелген системалар үчүн параметрдик резонансты изилдеген. Фрунзе политехника ин-тунун кызматкерлеринин Э. Керимгазиев жетектеген тобу серпилгичтиктин ж-а пластикалуулук теориясынын контакттуу маселелерин, серпилгич жарым мейкиндиктеги чексиз ж-а жарым чексиз устундар м-н плиталардын ийрейүүсүн изилдешүүдө. 70-жылдардын акырында 80-жылдардын башында Кыргызстанда суюктук ж-а газдын агымдарын изилдоого, пластикалуулуктун математикалык теориясынын фундаменттик түшүнүктөрүнө ж-а аксиомаларынын түзүлүшүнө байланыштуу ири ил.-из. иштери жүргүзүлгөн. Бул изилдоолор илээшкек газдын агымдарын изилдоого, узак бышыктык теориясын ж-а бузулуунун математикалык теориясын түзүүгө байланышкан жаңы багыттардын кошулушу м-н мындан ары кецейет ж-а терендейт. Мындай изилдоолордун пайда болушуна ж-а өнүгүшүнө, респ-ка үчүн адистерди даярдоодо олконун борб. илимий мекемелери, советтик эң көрүнүктүү илимпоздор, а. и. СССР ИАнын академиктери М. В. Келдыш, М. А. Лаврентьев, СССР ИАнын корр. мүчөлөрү Л. В. Овсянников, Г. Г. Чёрный, Өзбек ССР ИАнын академиги Х. А. Рахматулин, профессорлор К. П. Станюкович, С. Ф. Фалькович ж. б. чоң жардам көрсөтүшкөн.

Жалпы механика. Кыргыз ССР ИАда механика, машиналар теориясы ж-а жумуш процесстери тармагында О. Д. Алимов жетектеген ири илимий мектеп түзүлгөн ж-а өнүгүп жатат. Мектептин түзүүчө академиктер И. И. Артоболевский, Н. В. Мельников, В. П. Бармин катышкан. Согуу теориясы, гидравликалык, электр-магниттик ж-а электромеханикалык дирилдоо-согуу механизмдерин колдонуу м-н күч берүүчү импульстук системалар теориясы, бургулоодо тоо тектеринин бузулуу процесстер теориясы, бургулоочу автоматтар ж-а роботтор теориясы, манипуляторлор теориясы сыяктуу механиканын ж-а машина тааныунун актуалдуу проблемаларынын багытындагы оригиналдуу изилдоолөр өнүгүүдө. Илимий мектеп Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунун механика ж-а тоо-кен машина тааануу бөлүмүн, Фрунзе политехника ин-тунун механизмдер ж-а машиналар теориясы кафедрасын, машиналардын тетиктери кафедрасын, машина куруучу бир катар ишканаларды бириктирип турат. О. Д. Алимовдун эмгектеринде күч берүүчү импульстүк системалар теориясынын фундаменттик түшүнүктөрү ж-а проблемалары, аларды изилдоонун методологиясы, машиналардын конструкцияларында ил. из-лорду практикалык ишке ашыруунун перспективалары каралган. Күч берүүчү импульстүк системаларды түзүү жагында эки негизги багыт болуунун көрсөтүлгөн. Биринчиси, технологиялык операциялардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн согуу ж-а дирилдоону колдонуу м-н иштетилип жаткан чейрого максимум кубаттуулукту багыттоо проблемасын чечүүгө байланышкан. Экинчиси, машиналардын ишенимдүүлүгүнө ж-а узакка чыдамдуулугуна дирилдоонун ж-а согуунун таасирин азайтуу жолдорун изден табууга байланыштуу. Каралып жаткан проблемаларга системалуу мамиле кылуу милдеттери, «Оператор — машина — иштелип жаткан чейре» деген системанын негизги закон ченемдерин изилдоого негизделген күч берүүчү импульстүк системаларды андан ары оркүндөтүү идеялары пайда болгон.

Согуу теориясы, согуу толкундарынын таралышы. Күч берүүчү импульстүк системалардын элементтеринде согуу теориясынын ж-а согуу толкундарынын таралуу проблемалары О. Д. Алимов, Л. Т. Дворников, И. Д. Шапошников, Л. Ф. Лисовскийдин эмгектеринде айтылган. Бул авторлор цилиндрлүү, баскычтуу-цилиндрлүү, конустук перселердин стержени б-ча согуу болгондо серпилгич толкундардын түзүлүү ж-а согуу энергиясынын иштетилип жаткан чейрого берилишинин процесстерин; о. эле түздон түз толкун өткөргүч аркылуу согуу толкунунун энергиясынын иштетилип жаткан чейрого берилишинин процесстерин изилдешкен. О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, В. Э. Еремьянц, Ю. В. Невенчанныйдын эмгектеринде согуу толкундарынын кыймылын билүүгө ж-а иштетип жаткан чейрого алардын бир нече жолу тийгизген таасирин, согуу толкунунун кыймылы учурунда энергиянын кайта өзгөрүшүнүн закон ченемдери, согуу учурунда толкун өткөргүч м-н чейрөнүн ортосундагы көңдөйдүн таасирин ж-а алардын өз ара оптималдуу жайгашуу абалын изилдоого байланышкан бир катар маселелер каралат. Жецил куймалардан турган элементтерде согуу толкундарынын түзүлүү ж-а таралуу процесстери изилденген. Аларды колдонуунун иштетилип жаткан чейрого энергиянын берилишинин жогорку деңгээлин камсыз кылган патыйжалуулугу ж-а согуу системасынын аз салмактык мүнөздөмөлөрү далилденген. Иштетилип жаткан чейрөнүн каршылык көрсөтүүсүнүн каалаган мүнөздөмөсү учурунда татаал конструкциядагы перселердин узунунан кеткен кошо согуу эсептөөлөрүнүн моделдери ж-а алгоритмдери өздөштүрүлгөн. Иштетилип жаткан чойродон кайтарылган согуу толкундары м-н согуу массасынын бири бирине аракет кылуу процесси изилденген. Перселердин урунуушу концепциясы такталган, согуу системасынын негизги параметрлеринин ж-а иштетилип жаткан чойрөнүн каснеттеринин урунушкан перселердин ылдамдыгын калыбына келтирүү процессине тийгизген таасири текшерилген. О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, В. Э. Еремьянц, Л. Т. Дворников ж-а А. А. Мясниковдун эмгектеринде кантал бетинин ийри сызыктуу түзүүчүсү бар перселердин туурасынан урунушкан кездө деформация толкундарынын түзүлүү процесстери изилденген. Мына ушулар м-н оптималдуу согуу системаларынын түзүлүшүнө өбөлгө түзүлгөн. Иштелип жаткан чойродогу штамптагыч балканын аткаруу органынын өз ара аракетинин механизмин үйрөнүү билүүгө ылайыктуу стержендүү системалардагы согуу кубулуштарын изилдоого В. Г. Березкин ж-а Ю. С. Гладиловдун эмгектери арналган. К. И. Иванов дун эмгектеринде созулган составдык толкун өткөргүчтөр б-ча согуу толкундарынын таралышы ж-а согуу жүгүнүн таасирине иштетилип жаткан чойрөнүн бузулуу процесстери изилденген. В. В. Стихановский жогорку ылдамдыкта бири бирине кагылыштуучу элементтердин согулуу процесстерин изилдеген.

Күч берүүчү импульстүк системалар аркылуу тоо тектердин бузулуу процесси. О. Д. Алимов, Л. Т. Дворников, К. И. Иванов, А. В. Фролов, Ю. В. Кудрук, В. Э. Еремьянц, С. А. Басов, А. Ф. Коршунов, М. А. Пак, А. Ф. Лисовский, В. С. Допченко, Б. Т. Тагаевдин эмгектери күч берүүчү импульстүк системаларды пайдалануу м-н тоо тектердин динамикалык бузулуу кубулуштарын изилдоого арналган. Изилдоолор согуу ж-а айлануу-согуу аракетиндеги машиналар м-н бургулоодо тоо тектердин бузулуу процессинин жалпылаштырылган моделдерин иштеп чыгууга мүмкүндүк берди, булар тоо тектердин, күч берүүчү импульстүк системанын, бургулоочу машинанын айлануу ж-а берүү кыймылга келтиргичинин, жумушчу аспаптын өз ара параметрлерин байланыштырып турат (О. Д. Алимов, Л. Т. Дворников). Тоо тектердин, бургулоочу аспаптын ж-а күч берүүчү импульстүк системалардын константаларын өз ара байланыштырган тендемелер системасы аркылуу бургулоочу аспап м-н бургулаган жаткан тоо тектердин катуулугу (каршылыгы) аныкталары далилденген. Тоо тектердин бузулушунун натыйжалуулугу бургулоочу машинанын күч берүүчү трансмиссиясынын динамикалык катуулугун эсепке алуу м-н бургулоочу аспаптагы кыймылга келтиргич аркылуу түзүлгөн күч берүүчү импульстүн формасы, максимум амплитудасы ж-а узактыгы м-н аныкталат. Күч берүүчү импульстүк системаны башкаруу принциптери иштелип чыккан (О. Д. Алимов, А. В. Фролов, С. А. Басов, Ю. В. Кудрук), булар тоо тектердин бузулуу жолдорун ж-а тоо тектердин физика-механикалык каснеттерине ж-а башкаруунун критерийлерине жараша күч берүүчү импульстүн параметрлерин автоматтык тандоого мүмкүндүк берет.

Күч берүүчү импульстүк системалардын теориясы. Күч берүүчү импульстүк система энергиянын тыпымсыз агымын кубаттуулугу жогору күч берүүчү импульстардын энергиясына айландырууну ж-а аларды тышкы чойрого берүүнү камсыз кылуучу өз ара байланышкан механизмдер м-н түзүлүштөрдүн жыйындысы болуп эсептелет. Күч берүүчү импульстардын дүүлүгүүчү согуучу массанын жумушчу аспап м-н кагылышынын патыйжасында ишке ашырылат. Колдонулуп жаткан энергиянын түрүнө ж-а аны өзгөртүүчү каражаттарга байланыштуу күч берүүчү импульстүк системалар гидравликалык, пневматикалык, электр-магниттик, электр-механикалык системаларга бөлүнөт.

Гидравликалык күч берүүчү импульстүк системалар. Гидравликалык байланыштары бар күч берүүчү импульстүк системаларды эсептөөнүн ж-а долбоорлоонун илимий негиздери О. Д. Алимовдун эмгектеринде түзүлгөн ж-а С. А. Басов, Ж. Усубалиев, А. Ызабеков, А. Ф. Коршунов, Б. Р. Матвеев, С. С. Искенов, П. П. Закарян, М. Уранмовдун эмгектеринде улантылган. Өзгөрмө коэффициенттүү сызыктуу эмес кадимки дифференциал теңдеме ж-а биринчи туундусу б-ча үзүлүүгө ээ болгон мезгилдүүлүктүн анализдик эмес шарттары м-н пайда болгон циклдүү башкарылма гидравликалык дирилдоо-согуу механизмдеринин математикалык моделдери иштелип чыккан. Моделдер механизмдердин жыштыктуу мүнөздөмөлөрүн түзүүдө пайдаланылат. Мезгилдүү аргасыз термелүүлөрдүн аралары теориялык ж-а экспериментик түрдө байкалган ж-а бааланган. Системалардын негизги мүнөздөмөлөрүнүн синтезинин алгоритмдери ж-а түзүү методикасы сунуш кылынган (О. Д. Али-

мов, С. А. Басов). Кыймылдагы поршень м-н басымы жогору гидравликалык агымдын өз ара аракеттенүү маселеси чыгарылган, ал кадимки дифференциал теңдеме түрүндөгү чектик шарттуу толкун теңдемелерин изилдөөго алып келген. Туюк формада алынган мындай теңдемени чыгаруу кыймылдуу согуу массасына тийген козголтуучу таасирлер ж-да түшүнүктү тактоого, рационалдуу козголууларды калыптандыруу б-ча супуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берген (О. Д. Алимов, С. А. Басов, А. Ызабеков). Суюктуктун кысылуусун ж-а топтолгон серпилүүлөрдүн таасирин эсепке алуучу ациклдүү башкаруусу бар гидравликалык дирилдөө-согуу механизмдеринин математикалык моделдери такталган. Алардын динамикалык мүнөздөмөлөрү күч бергич импульстук системалардын элементтери катары курулган. Ациклдүү механизмдердеги автотермелүүлөрдүн фазалык портреттерин үйрөнүүнүн эксперименттик методдору, дирилдөө-согуу системаларындагы диссипацияны үйрөнүүнүн эксперименттик-теориялык методдору түзүлгөн ж-а апробацияланган. Позициялык тескери байланыштуу механизмдердин эсептөө методдору ж-а прототиптери сунуш кылынган (О. Д. Алимов, С. А. Басов, Ж. Усубалиев, С. С. Искенов, М. Ураимов).

Электр-магниттик күч бергич импульстук системалар. Бул илимий багыттын негиздери А. В. Фролов, П. С. Туровский, А. Бообековдун эмгектеринде түзүлгөн. Электр-магниттик дирилдөө-согуу системаларындагы муздатуу, жылуулук пайда кылуу проблемалары, жумуш процесстери, энергияны кайра өзгөртүү өзгөчөлүктөрү изилденген. Резонанстык эффектилердин негизинде иштөөчү дирилдөө-согуу системаларынын схемалары сунуш кылынган. Чектүү козголуучу электр-магниттик күч бергич импульстук системалардын динамикасы м-н синтезинин проблемаларына В. К. Манжосов, Н. О. Лукутиндин эмгектери арналган. Жумушчу циклде структураны өзгөрүүсүн, согуучу массалар кыймылдаганда кагылышуу мүнөзүн ж-а шартын, индукциялуулуктун өзгөрүшүнүн сызыктуу эмес мүнөзүн, диссипациялык касиеттерин эсепке алган системанын математикалык модели түзүлгөн.

Электр-механикалык күч бергич импульстук системалар. Системалардын бул классын түзүү теориясынын проблемаларына ж-а принциптерине О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, Б. В. Шевченко, В. П. Филиповский, Ю. В. Невенчанный, Н. У. Жолдошевдин эмгектери арналган. П. М. Алабужевдин эмгектери бул багытты өнүктүрүүдө зор роль ойногон. Мында шарнир-рычагдуу ж-а урчуктуу дирилдөө-согуучу кайра өзгөрткүчтөрү бар системалардын классы алда канча перспективалуу класс катары белүнүп көрсөтүлгөн. Бул механизмдер иштетилип жаткан чөйрөнүн касиеттерине байланыштуу жумушчу аспаптагы согуу күчүнүн өлчөмүн автоматтуу түрдө жөнгө салууну камсыз кылат. Сызыктуу эмес кинематикалык байланыштарды эсепке алуу м-н жумуш процесстеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, структураны өзгөрүшүн, жумушчу аспап м-н массанын кагылышуусун көрсөткөн системанын математикалык моделдери курулган (О. Д. Алимов, В. К. Манжосов). Моделдештирүү ж-а физикалык эксперимент жүргүзүү жолу м-н (В. К. Манжосов, Н. У. Жолдошев, В. П. Филиповский, Ю. В. Невенчанный) өтмө режимдердеги ж-а кыймыл бир калыпта болгондогу системанын элементтеринин кыймыл өзгөчөлүктөрү изилденген. Рычагдуу ж-а урчуктуу дирилдөө-согуучу кайра өзгөртүүчтөрү бар системаларда энергияны өзгөртүүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн анализдик көз карандылыктар түзүлгөн (В. К. Манжосов, Н. У. Жолдошев). Алынган закон ченемдердин негизинде согуучу массанын кризис маанилери ж-а энергиянын өзгөрүү процессинин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуучу системанын башка параметрлери аныкталган. Күч бергич импульстардын урчуктуу генераторлору үчүн системадагы энергиянын өзгөрүшүнүн максимум натыйжалуулугун камсыз кылуучу урчук профилинин оптималдуу же оптималдууга жакын маанилерин эсептөө үчүн көз карандылыктар түзүлгөн (О. Д. Алимов, В. К. Манжосов). Мындай системанын параметрлерин тандоо берилген энергияны ж-а согуу жыштыгын камсыз кылуу шарттарынан, кинематикалык байланыштын мезгилдүү бириншинде минимум жүктөрдөн, урчуктун профилинен согуу массасынын эффективдүү үзүлүшүнөн, максимум п. а. к-нен ж-а максимум тез аракет этүүчү системадан улам жүзөго ашырылат. Согуу учурундагы ылдамдыкты калыбына келтирүү ж-а сүрүлүү күчүн эсепке алып ж-а эсепке албай туруп согуу массасынын кыймылынын оптималдуу траекторияларын түзүлгөн (Б. А. Шевченко).

Күч бергич импульстук системалардын трансмиссиялары. Бургулоочу машиналардын трансмиссия проблемасына О. Д. Алимов тоо тек бузуучу аспаптын тоо тек м-н өз ара аракет этүү процессин изилдөөго арналган эмгегинде биринчилерден болуп көңүл бурган. Мында аспапта динамикалык жүктөрдүн пайда болушунун себептери ж-да болжолдоолор айтылган. Иштетилип жаткан чөйрөнүн бузулуу процессинин натыйжалуулугуна термелүүчү кубулуштардын тийгизген таасири ж-да гипотеза кийинчерээк Л. Т. Дворников, Г. И. Яковлевдин эмгектеринде так айтылат. Күч бергич импульстук системалардын трансмиссияларындагы термелүүчү кубулуштарды үйрөнүүгө О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, С. Абдраимов, Т. О. Невенчанныйдын изилдөөлөрү арналган. Импульстук системанын согуу таасирлерин, системалардын серпилгич байланыштарын ж-а реалдуу демпферлөөчү касиеттерин, ар түрдүү энергия ташыгычтарды колдонуу мүмкүндүгүн, иштелип чыгуучу чөйрөнүн касиеттерин эсепке алуучу машиналардын күч берүүчү трансмиссияларынын математикалык моделдери иштелип чыккан. Экспериментти пландаштыруу теориясынын методдорунун негизинде машиналардын трансмиссияларындагы оздук жыштыктарды, термелүүлөрдүн амплитудасын ж-а динамикалык жүктөрдү эсептеп чыгуу методикасы сунуш кылынган. Бургулоочу машиналардын структурасы б-ча татаал трансмиссиялар үчүн термелүүлөрдүн жыштыгын эсептеп чыгаруучу анализдик көз карандылыктар алынган. Системанын параметрлеринин мейкиндигинде сапат критерийинин оптималдуу маанилерин түзүүгө ж-а тактоого негизделген күч берүүчү трансмиссиянын параметрлерин тандоо процедурасы сунуш кылынган.

Пресс-автоматтардын динамикасы м-н синтезинин проблемалары. Пресс-автоматтардын аткаруучу механизмдерин түзүүгө ылайыктуу күч берүүчү импульстук системалар теориясынын проблемаларына О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, А. Д. Обозов, М. И. Парышкура, В. П. Филиповский, А. К. Шимокиндин эмгектери арналган. Ал эмгектерде механизмдердин реалдуу технологиялык кыймылдарынын структуралык солокотун жаратуу мүмкүндүгүн берген кыймылдын идеалдуу закондорун түзүү маселелери каралат. Математикалык модель ж-а физикалык эксперименттин негизинде иштетилип жаткан чөйрө м-н аткаруучу звенонун өз ара аракеттенүүсү изилденген. Механизмдердеги динамикалык кубулуштар изилденген, механизмдердин рационалдык параметрлеринин ж-а структуралык схемаларынын областтары түзүлгөн.

Вертикал шнектүү механизмдердин теориясы. Күч бергич импульстук системалардагы шнектүү транспорттоочу механизмдерди колдонуу проблемасына О. Д. Алимов, В. К. Манжосов, М. Т. Мамасандовдун изилдөөлөрү арналган. Вертикал шнек б-ча кыймылды сүрөттөөчү бир нече эркин даражалуу математикалык модель түзүлгөн. Шнек бир калыпта эмес айланганда, анын алга умтулма которулушунда шнекке узата согуу болгон кезде болуктөрдүн кыймылынын закон ченемдери изилденген. Эксперименттик изилдөөлөрдүн ж-а механизмге коюлган ар түрдүү функционалык талаптарды эсепке алган процессти математикалык моделдештирүүнүн натыйжаларына негизделген вертикал



1



2





3




4

1. «Революциянын каармандарына» монументинин ачылуу салтанаты. Г. Айтиев, Т. Садыков, А. П. Кибальников, Т. Усубалиев, Ч. Айтматов. 2. К. Молдобаев, М. Абдраев, Ч. Айтматов, К. Каракеев, А. Токомбаев, Т. Садыков. 3. Академик М. М. Адышев. 4. Академик К. К. Юдахин окуучулары менен.









1. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Президиумунун Председатели акад. К. И. Скрябин, СССР ИАнын президенти акад. В. Л. Комаров, филиалдын Председателинин орун басары Ж. Шүкүров СССР ИАнын Кыргыз филиалын ачуу убагында. 1943. **2.** СССР АИнын вице-президенти акад. П. Н. Федосеев Фрунзе шаарында өткөн Бүткүл союздук теориялык конференцияда доклад жасоодо. 1981, сентябрь. **3.** СССР ИАнын президенти акад. А. П. Александров Кыргыз ССР ИАнын 25 жылдыгына арналган салтанаттуу чогулушта сөз сүйлөөдө. **4.** Кыргыз ССР ИАнын президенти, СССР ИАнын корр. мүчөсү М. И. Иманалиев Президиумдун заседаниесинде.


шектүү механизмдердин синтезинин оптойлуу шарттары иштелип чыккан.

Бургулоочу информациялык робот-техникалык системалар. Бул проблема 1970-ж. В. Н. Бармин, Н. В. Мельников, О. Д. Алимов, С. Г. Авершиндин эмгектеринде изилдене баштаган ж-а ал О. Д. Алимов, А. В. Фролов, Ю. В. Кудрук, Л. Р. Ешкеева, А. В. Праховдун эмгектеринде андан ары улантылган. Механика проблемалары жагындагы жаңы илимий багытты ачкан бургулоочу робот-информаторлорду түзүү теориясынын проблемаларын ж-а принциптери изилдешкен. Бургулоочу информациялык робот-техникалык системалар операторсуз эле автоматтык режимде пайдалануу шарттарын мүнөздөгөн ар түрдүү физикалык туруктуу чоңдуктар бар кезде убакыттын бирдиктүү масштабында берилген технологиялык ж-а изилдөө маселелерин аткара алат. Коюлган милдеттерди чечүүнүн негизи Кыргыз ССР ИАда иштелип чыккан идеялар м-н илимий гипотезалар болгон, аның базасында бургулоочу автоматтардын, алардын кыймылга келтиргичтерин, башкаруу ж-а информация системаларынын бир катар конструкцияларын түзүүгө байланышкан иликтоочулук, ил. пз., конструктордук ж-а о. ж-лык тажрыйба иштери күчөтүлгөн. Алардын параметрлери илимий жактан негизделген.

Өнөр жайлык жогорку жүктүү универсалдык манипуляторлор. О. Д. Алимов, Л. Т. Дворников, С. А. Басов, А. Н. Волков, Б. В. Фомин, Е. И. Бексалов, Н. П. Велижанина, В. В. Волосков, В. И. Логвинов, А. П. Давыдовдун изилдөөлөрү аткаруучу механизмдердин рационалдуу кыймылга келтиргичтерин, аларды автоматтык башкаруу каражаттарынын өз ара байланыштарын изден табууга арналган. Рационалдуу структуралык схемаларды түзүүгө, гидрофицирленген башкарылма аткаруучу механизмдерди, мобилдүү кыймылдаткычтарды иштетүүгө багытталган бургулоочу агрегаттардын манипуляторлорун жасоо жагындагы өзгөчө перспективалуу багыттар ж-дө гипотезалар иштелип чыккан.

Машиналардын эргономикасы. Машиналарды, тактап айтканда тоо-кен бургулоочу жабдууларды эргономикалык баалоо проблемалары О. Д. Алимов, С. А. Басов, А. Н. Волков, Т. С. Шикунованын эмгектеринде иштелип чыккан. Авторлор генерациялоо булагынан операторду жумуш орунуна чейин дирилдөөлөрдүн пайда болуу ж-а таралуу процесстерин изилдешкен, тоо-кен машиналарынын ар түрдүү типтери иштегенде чуунун параметрлеринин мүнөздөмөлөрү ж-а иш убагында операторго физикалык күч келүү деңгээли бааланган. Машиналардын бир катар конструкцияларында дирилдөөнүн зыяндуу таасиринен операторду коргоочу каражаттар иштелип чыккан ж-а ишке киргизилген. СССР ИАда эргономикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн Н. П. Беневоленская м-н болгон илимий байланыштар реси-када эргономикалык изилдөөлөрдү өнүктүрүүдө зор мааниге ээ болду. О. Д. Алимов, С. А. Басов, Ю. М. Сосновский, С. С. Искеновдун кийинки эмгектеринде оператордун эмгегинин психофизикалык кыйынчылыгын эске алуу м-н машиналарга комплекстүү эргономикалык баа берүүнүн методдору ж-а каражаттары сунуш кылынган, адам м-н машинанын ортосундагы функцияларды рационалдуу бөлүштүрүү б-ча сунуштар киргизилген.

Илимий изилдөөлөрдүн ишжүзүндө пайдаланылышы. Кыргыз ССР ИАнын илимпоздору бургулоочу техниканын жаңы приоритеттик үлгүлөрүн ж-а иштерди жүргүзүүнүн прогрессивдүү технологиясын түзүшкөн. Тоо-кен ишканаларында, гидротехникалык курулуштарда, табигый таштардын блокторун казып алуу б-ча карьерлерде «Аскатеш» тибиндеги мобилдүү универсалдык ж-а адистештирилген бургулоочу агрегаттар патыйжалуу пайдаланылууда. Түзүлгөн машиналарды универсалдык манипуляторлор, гидравликалык согуу механизмдери ж-а автоматташтырылган



Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин биринчи секретары Т. Усубалиев м-н СССР ИАнын президенти акад. А. П. Александров Кыргызстандын илимпоздорунун арасында. 1980.

башкаруунун каражаттары м-н жабдуу оператордун организмине дирилдөөнүн ж-а ызы-чуунун зыяндуу таасирин азайтууга мүмкүндүк берди. Механика ж-а машина куруу жагындагы иштердин цикли үчүн С. Абдраимов, В. Э. Еремьянц, М. Т. Мамасандов, В. П. Филиповский, Б. А. Шевченкого Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгы мыйзамдалган. Илимий аппарат куруу жагындагы эмгектери үчүн О. Д. Алимов СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон.

И. Бийбосунов, В. К. Манжосов

Геодезия. О. Азияда алгачкы топография-геодезиялык иштер 1865-ж. Ташкенде негизделген Түркстан аскер-топография бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылган. Нивелирлөө ж-а съёмка жүргүзүү жумуштары О. Азияда 19-к-дын 70-жылдарында башталып, план жагынан астрономиялык пункттарга, бийиктиги барометрлик нивелирлөө б-ча аныктала турган пункттарга негизделип жүргүзүлгөн. 1875-ж. А. П. Петров тарабынан жүргүзүлгөн маршруттук съёмканы, алгачкы съёмкалык материалдардын бири деп эсептөөгө болот. Ал 1935-жылга чейин 1 : 500 000 масштабдагы карталарды түзүүдө негизги материал катары пайдаланылган. 1980-жылга чейин Чүй, Талас, Кочкор ж-а Ысык-Көл ороондорунун бир кыйла жерлеринде, Ош обл-ның көчүлүк бөлүгүндө, Нарын д-ның төмөнкү ж-а ортоңку агымдарында түрдүү масштабдардагы геологиялык съёмка жүргүзүлгөн. Реси-канын аймагын изилдөөдө П. М. Пржевальский чоң салым кошкон, ал озү басып өткөн жолдун көчүлүк бөлүгүндө магниттик меридиан б-ча багытталган маршруттук съёмка жүргүзгөн. Айрым жерлердин географиялык координаталарын, о. эле бир катар ашуулардын, кырка тоолордун ж. б. тармактарынын бийиктиктерин аныктаган. Борб. Азиянын тоо системаларынын схемасын алгачкы жолу түзгөн. О. Азиянын бийиктик абалы биринчи жолу 1877-ж. гана так аныкталган. Негизги бийиктик пункту катары Ташкендин астрономия ж-а физика обсерваториясынын сыман барометринин нолдүк бийиктиги кабыл алынган. Ал 1877-ж. жыл бою ар бир суткада жүргүзүлгөн барометрдик байкоолор б-ча деңиз деңгээлинен 1500 футка же 214, 286 саржанга салыштыруу ыкмасы б-ча аныкталган. Бул баштапкы бийиктик 1900-жылга чейин колдонулган, 1877—1900-жылдардын аралыгында Аскер-топография бөлүмү тарабынан жүргүзүлгөн ж-а триангуляцияга негизделген бардык съёмкалар жогоруда айтылган баштапкы бийиктикке туура келет. Алгачкы нивелирлөө жумуштары анчалык так эмес нивелир-теодолиттер м-н жүргүзүлгөн. 1883-ж. визир түтүкчөсүндө тегиздикке келтирилген деңгээл орнотулган нивелир пайда болгондон кийин иш бир кыйла так аткарылган. Ал мезгилде Түркстан крайындагы нивелирлөө

иштери О. Азия темир жолун бойлото гана жүргүзүлгөн. Нивелирлөө иштери 1894-ж. Каспий деңизи м-н Ташкен аралыгында темир жолду бойлото башталып, 1900-жылга чейин (мезгил-мезгили м-н) жүргүзүлгөн (И. В. Парийский, С. И. Никитин). Анын узундугу 1870 км-ге жеткен. Съёмкалоонун натыйжасында Ташкен обсерваториясынын деңиз деңгээлинен бийиктиги так аныкталган.

Казалинск ш-нан Ташкен ж-а Ош ш-лары аркылуу бир катар триангуляциялар коюлуп, аны Памир тоосундагы Индия триангуляция пункттары м-н кошууга чейин жеткирилген. Астрономиялык, кийинчерээк триангуляциялык байкоо жүргүзүү 1900-ж. башталып, анын негизинде географиялык торду толуктоо ж-а жерг. маалындеги бардык торду түзүү жумуштары аткарылган. 1900-ж. Кыргызстандын аймагында 2 ж-а 5 чакырымдык съёмкалар жүргүзүлгөн. 1923-жылдан геодезияда 1:1 000 000; 1:500 000; 1:300 000 ж. б. масштабдуу жаңы метрдик карталар колдонулуп, 1-класстагы триангуляцияны өнүктүрүү пландары ж-а жогорку тактыктагы нивелирлөө жолдору иштелип чыга баштады; референц-эллипсоидди тандоо жүзөгө ашырылды, бул СССРдин бүткүл аймагы үчүн бийиктикти бирдиктүү эсептоого негиз болду. 20-жылдарда 10-, 5-, ж-а 2-верстолуу карталарды метрдик масштабда кайра басып чыгаруу максатында рекогносцировкалоо ж-а маалыматтарын жаңылоо б-ча аракеттер жасалган. 1931-ж. триангуляция пункттарын жыш орнотуу б-ча жумуштар аткарылды ж-а Анжиян — Жалал-Абад темир жолу б-ча так нивелирлөө жүргүзүлдү. Экинчи класстагы нивелирлөө Луговой станциясы—Фрунзе—Отор станциясы (уз. 250 км), кийин Фрунзе — Токмок — Рыбачье — Пржевальск — Сары-Өзөк кыштагы (850 км) профилдери б-ча жүргүзүлдү. 1932-ж. О. Азия геологиялык чалгындоо бөлүмдөрү Ош обл-ның түш.-батыш бөлүгүндө Ысык-Көлдүн тоолуу аймактарында, Жумгал өрөөнүндө ж-а Кочкордо 1:100 000 масштабдагы съёмкаларды жүргүзүшкөн. 1:500 000 масштабдагы съёмкалар Чүй, Нарын ж-а Суусамыр д-нарынын өрөөнүндө аткарылды. 1933-ж. Э. М. Мурзаев тарабынан Борб. Тянь-Шань б-ча 1:500 000 масштабдуу карта түзүлдү. 30-жылдарда респ-канын бардык а. ч. райондору 1:500 000 масштабдагы съёмкага түшүрүлдү. Ушул эле мезгилде үч базистүү тармактарды (Фрунзе, Ош, Нарын) өлчөө б-ча триангуляциялык жумуштар аяктайт. 1940-жылга карата так нивелирлөө аяктап, Кыргызстандын бардык жерин съёмкалоодо бийиктикти так негиздөөго мүмкүчүлүк берди. 1940-жылдын акырында респ-канын бүткүл аймагы б-ча 1:500 000 масштабдуу съёмка жүргүзүлүп, Кыргызстандын топографиялык картасын чыгарууга шарт түзүлдү. 1950—60-жылдардан 1:25 000, айрым райондорго 1:10 000 ж-а андан да ири масштабдуу съёмка жумуштары аткарыла баштап, 1970-жылдарда респ-канын бүткүл аймагынын 1:25000 масштабдуу картасын түзүү аяктады. Респ-канын дээрлик бардык өрөөндөрүндө 1:10 000 масштабдуу, бүт шаарлар м-н шаар тибиндеги посёлкаларда ири масштабдуу съёмкалар жүргүзүлгөн.

И. Ибраев, И. К. Леонов

Геология илимдери. Кыргызстан Тянь-Шандын тоолуу аймагында жайгашкан, анын геологиялык түзүлүшү ири геологдордун көңүлүн небактан бери буруп келген. Аны изилдөөдөн алынган маалыматтар азыркы геологиянын бир катар маанилүү теорияларын иштеп чыгууга, о. эле респ-када тоо-кен, баарынан мурда сурьмасыман о. ж-н түзүүгө негиз болду. Тянь-Шандын геологиясын изилдөөчүлөрдүн алгачкылары П. П. Семёнов-Тян-Шанский, И. В. Мушкетов, Г. Д. Романовский болушкан. Революция болор алдындагы жылдарда Кыргызстандын түштүгүндө В. Н. Вебер ж-а Д. И. Мушкетов, түндүгүндө Н. Г. Кассин, К. И. Аргентов тарабынан бир кыйла дыкаттуу иштер жүргүзүлгөн. Ферганадагы рудалуу жерлердин геохимиясын изилдөөдө В. И. Вернадскийдин эмгектери зор кызыгуу туудурган. 1926—28-ж. Тянь-Шандын региондук геологиясы б-ча алгачкы ири жалпылоолор пайда болгон (Д. В. Наливкин, В. А. Николаев). 1924—27-ж. Кыргызстандын негизги сурьма-сымап кендери ачылган (Д. И. Щербаков, В. Э. Поярков, В. И. Попов). Бүткүл О. Азия регионунун геология б-ча биринчи илимий-өндүрүштүк ж-а окуу ячейкалары түзүлгөн. 1928-ж. Ташкендө өткөн геологдордун Бүткүл союздук 3-съезди Тянь-Шанды геологиялык жактан изилдөөдөгү маанилүү учур болгон. Анда региондук геология м-н металлогениялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы чыгарылып, мындан ары өнүктүрүүнүн жолдору белгиленген.

Согушка чейинки беш жылдыктарда (1928—1940) Геологиялык комитет, СССР ИАнын экспедициялары тарабынан Кыргызстандын бүткүл аймагы геологиялык съёмкага түшүрүлгөн. Көп руда объектилери — сымап, сурьма, полиметалл, көмүр ж-а нефть кендери чалгындалып, геологиянын көп тармактары б-ча жалпыланган өмгектер жазылган. Бул иштерде СССРде ири окумуштуу-геологдордун, геологияда бир катар теориялык багыттарды негиздөөчүлөрдүн бүтүндөй бир мууну А. Е. Ферсман, Д. И. Щербаков, Д. В. Наливкин, В. И. Смирнов, А. А. Сауков, В. А. Николаев, А. В. Пейве, В. И. Попов, С. С. Шульц, Н. М. Синицын, Ф. И. Вольфсон, Х. М. Абдуллаев, Ю. А. Арапов, А. П. Марковский, Н. В. Шабаров ж. б. өсүп чыкты. 1938-ж. респ-када биринчи геологиялык мекеме — Кыргызстан геология башкармасынын (азыркы Кыргыз ССР геология башкармасы) түзүлүшү жер түпкүрүн изилдөөдө чоң маанеге ээ болду. Алгачкы жылдардан тартып анда геологиялык жумуштардын негизги түрлөрү, биринчи кезекте түрдүү масштабдагы геологиялык съёмкалоо, минерал сырьёлордун бардык түрлөрү б-ча изилдөө-чалгындоо жумуштары, о. эле тематикалык изилдөөлөр жүргүзүлдү. Бул мекеме айрыкча Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында, партия м-н өкмөт жер түпкүрүн изилдөөчүлөрдүн күч-аракетин өлкөнү коргоо о. ж-ның минералдык-сырьёлук базасын эң кыска өнүктүрүүгө багыттаган кезде чоң роль ойногон. Бул жылдарда респ-ка сымап ж-а сурьма өндүрүү б-ча СССРдө негизги база болгон.

1943-ж. Фрунзеде СССР ИАнын Кыргыз филиалында Геология ин-ту түзүлгөн. Анын максаты — Кыргызстанда геология илиминин бардык тармактарын өнүктүрүү. 1943—48-ж. бул ин-түн ишине болбөлүү окумуштуулар А. А. Борисяк, В. И. Смирнов, В. А. Николаев, А. Г. Вологдин, А. П. Марковский, В. Н. Огнев, В. М. ж-а Н. М. Синицындар, П. К. Чихачев, С. С. Шульц катышкан.

Геология ин-ту 1954-жылдан Кыргыз ССР ИАнын составында. Ин-т өз изилдөөлөрүндө Жер ж-догу илимдердин дээрлик бардык башкы багыттарын камтыган геологиялык профилдеги ири илимий мекеме болуп калды. О. эле СССР ИА м-н СССР Геология министерствосунун Москва, Ленинград ж. б. шаарлардагы ил. из. уюмдары Кыргызстандын геологиясын изилдөө б-ча жүргүзө баштаган иштери улантылууда. Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында Кыргызстандын аймагын илимдөө иштери жогорку деңгээлге жетти.

Стратиграфия. Респ-канын бүт аймагын камтыган түрдүү масштабдуу геологиялык съёмкалардын талабы стратиграфиялык изилдөөлөрдүн кеңири кулач жайышына алып келди ж-а ага байланыштуу ташка айланган көптөгөн организмдерди изилдөөнү өркүндөттү. Натыйжада ируска, ал эми көнчүлүк учурда зона бирдигине чейин так ажыратылган фанерозой системасынын (палеозой, мезозой, кайнозой) стратиграфиялык схемалары түзүлдү. Фаунаны ж-а бир аз флораны изилдөөнүн негизинде структуралык-формациялык зоналардын ж-а зоналардын ортосунда түрдүү фациялык катмарлардын корреляциясы жүргүзүлдү. Дыкат түзүлгөн жерг. стратиграфиялык схемалар СССРдеги башка респкалардын ж-а чет өлкөлөрдүн стратиграфиялык кесиштери м-н салыштырылды. Бул айрым мезгилдерде биогеографиялык райондоштурууну дүйнөлүк масштабда иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. 70—80-жылдарда Тянь-Шандын ж-а ага жанаша жаткан Түш. Казакстандын стратиграфиясын (протерозойдун алгы ж-а палеозойдун башталышынын) изилдөө айрыкча өнүктү. Бул жагдайдагы иштер Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун окумуштуулары (В. Г. Королёв, В. В. Киселёв, Р. А. Максумова, К. Сагындыков, А. Бакиров, А. Мамбетов) тарабынан СССР ИАнын Геология ин-ту м-н бирдикте жүргүзүлдү. Кыргыз ССР геология башкармасынын геолог съёмкалоочулары (В. И. Кнауф, А. А. Луйк ж. б.), о. эле Бүткүл союздук аэрогеологиялык трестти (Москва) кызматкерлери ж-а Бүткүл союздук геология ил. из. ин-тунун (Ленинград) илимпоздору кыйла иштерди аткарышты. Натыйжада Түн. ж-а Өрөөкү Тянь-Шанда кембрийден протерозойду айырмалап, өрөөкү ж-а үстүкү рифейге, ал эми алар м-н кембрийдин аралыктарынан венд катмарларынын комплексин бөлүүгө, палеонтологиялык жактан алардын ички ж-а регион аралык корреляциясын аныктоого, жерг. серияларга, свиталарга дыкаттык м-н тармактоого, өрөөкү протерозойдогу структура-формациялык зоналуулукту чечмелөөгө, бир катар маанилүү стратиграфиялык реперлерге бөлүүгө (мис., венд тилляттери) жетишилди.

60-жылдарда палеонтологиялык жактан тактала-лган кембрийдин тоо тектери Түш. Тянь-Шанда, бир аз Кара-Тоодо ж-а Или Ала-Тоосунун батышында гана белгилүү болгон. Калган аймакта кембрий жок деп болжолдонгон. Кембрий катмарларынын Тянь-Шандын көп жерлеринде таралышы далилденип, мында алар «метаморфизмделген» катмар же ордовик м-н биригип бүткүл Өрөөкү Тянь-Шанда өнүккөндүгү аныкталды (В. Г. Королёв, В. И. Кнауф, Е. И. Зубцов, М. М. Адышев, П. Мисюс, К. Сагындыков ж. б.). Тянь-Шанда трилобиттердин көптөгөн фаунасынын табылгандыгына байланыштуу 3 бөлүм ажыратылган. Эритүү ж-а зоологиялык проблематикаларды мацерациялоо ыкмасын кеңири колдонуунун натыйжасында кембрийдин астыкы бөлүгүнөн «дотрилобит» катмарын өзүнчө бөлүү эң чоң маанеге ээ болду (В. В. Мисаржевский, А. Мамбетов ж. б.). Бул өмгектерде Талас — Кара-Тоо ж-а Чаткал — Нарын структура-фациялык зоналарында кеңири таралган фосфат ж-а ванадий рудалары кембрийдин башталышында (томмот) пайда болгондугу аныкталды (М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев). Кембрийдин палеонтологиялык жактан мүнөздөлгөн бөлүнүштөрүн өзүнчө бөлүү; аларды корреляциялоого ж-а геологиялык кесиштерин системага салууга мүмкүндүк берди.

Түн. ж-а Өрөөкү Тянь-Шанда ордовик системасынын кеңири өнүгүшүнүн чоң жетишкендик болду (В. А. Николаев, Е. И. Зубцов, Д. И. Яковлев, В. И. Кнауф, В. Г. Королёв ж. б.). 50-жылдардын акырында эле система бардыгы 3 бөлүмдөн турары аныкталды, бирок алардын ортосундагы чектер ажыратылган эмес. Ордовиктин стратиграфиясын изилдөөдөгү ийгиликтер баарынан мурда Тянь-Шанда көптөгөн граптолиттердин (алгачкы прет А. М. Обут изилдеген) табылышына байланыштуу. Түш. Казакстандын коңшу аймактарында стратиграфия системасынын толук схемасын түзүү (Б. М. Келлер ж. б.) чоң жардам берген ж-а ал схема кийин И. Ф. Никитин ж. б. тарабынан өркүндөтүлгөн. Ордовиктин таанык кесиштерин түзүү ж-а андагы граптолит м-н брахиопод сымал фауналарды изилдөө (М. Б. Зима, П. Мисюс) кийинки этапка — ордовиктин биостратиграфиялык зоналарга бөлүштүрүүгө, анын негизинде региондун структура-фациялык тилкелерин толук корреляциялап, ички стратиграфиялык схемаларын жалпы схемалар м-н салыштырууга өтүүгө мүмкүндүк берди. Аларды андан ары өркүндөтүүдөн кембрий м-н ордовиктин (бул Кара-Тоодо Г. Х. Ергалиевдин, Жабагылыда М. Б. Зиманын эмгектеринде белгиленген), о. эле ордовик м-н силурдун чектешүүсү ж-догу маселелер чечилмекчи.

Д. В. Наливкин, О. И. Никифорова ж. б-дын эмгектеринде силурдун карбонаттык катмарларын горизонттоого болүнүүнүн белгилүү шкаласы түзүлдү. Б. Н. Аверьянов грантолиттик фациялар системасынын стратиграфиялык негизин түздү. А. М. Обут, А. А. Волкова, А. Н. Ким, В. Д. Чехович ж. б-лар бул алгачкы схемаларды өркүндөтүп, ирустарга чейин, ирустардын ичинен зоналарга болгон. А. Е. Довжиков материалдарды жалпылап, силур этабындагы структура-формациялык зоналуулуктун схемасын иштеп чыккан, ал эми Е. И. Зубцов Чаткал-Чандалаш аймагынын силуру б-ча маанилүү ачылыш жасаган. Д. В. Наливкин м-н Б. П. Марковскийдин ото маанилүү эмгектеринен кийин съёмка жүргүзүүчүлөр м-н стратиграфия б-ча адистердин эмгектеринде Түш. Тянь-Шань девон системасынын бөлүмдөрүнө, ирустарына, айрым жерлерде ируспаларына ажыратылган (А. А. Малыгина, Г. А. Каледа ж. б.). Өрөөкү Тянь-Шанда форминиферлерди изилдөөнүн негизинде фамен ирусу (Б. В. Поярков) жерг. горизонттоого чейин белгилөнгөн. О. И. Сергунькованын, М. С. Швецовдун, А. Д. Смирновдун алгачкы эмгектеринде өрөөкү Тянь-Шанда төмөнкү карбондун (ирустардын ж-а ируспаларын деңгээлине чейин) стратиграфиялык бөлүнүшүнүн негизи түзүлгөн, ал эми В. А. Вахрамеев тарабынан ушул аймактарда да, Түш. Тянь-Шанда да карбондун башкырт ирусу өзүнчө бөлүнгөн. Бул алгачкы схемаларга кесиштердин бардык типтерин ж-а ташка айланган органикалык калдыктардын негизги топторун изилдөөнүн негизинде олуттуу тактоолор А. Я. Галицкая, В. Я. Щукина, А. В. Попов, В. Г. Королёв, Е. В. Христов ж. б. тарабынан киргизилген. Өрөөкү ж-а Түш. Тянь-Шанда карбонаттык фацияларды, Кашаалдагы ж-а Түп. Тянь-Шандагы терригендик фацияларды ото майдалап ж-а толук шлифмдүү болуштүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген микропалеонтологиялык ыкмаларды практикада колдонуунун маанисин ото зор (Б. В. Поярков, В. П. Скворцов, Я. Ф. Поршнякова). Региондун түштүгүндө астыкы карбондун кремнийлүү фацияларын табуу ж-а аларды карбонаттуу фацияларын м-н салыштыруу ушул ыкма м-н жүргүзүлгөн. Микропалеонтологиялык ыкма девондун ж-а карбондун, түрлө м-н визе ируспаларынын чек араларын тактоодо, башкырт ирусун өзүнчө бөлүүдө чоң көмөк берди. Үстүкү палеозойдун деңиз шарттарындагы фацияларын (өрөөкү карбондун москва ирусунан төмөнкү пермге чейин) бөлүштүрүү А. Д. Миклухо-Маклай, Ф. Р. Бенш, М. Н. Соловьёва, Н. А. Аносова ж. б. тарабынан фузулиниддерди изилдөөнүн негизинде толук жүргүзүлгөн. Анын негизинде үстүкү палеозойдун структура-фациялык зоналуулугу б-ча эң маанилүү жалпы жыйынтык чыгарылды (Н. М. Синицын, Д. П. Резвой, В. И. Кнауф, Г. Л. Бельговский ж. б.). Түзүлгөн провинциялык биостратиграфиялык схемада Чыгыш Европа платформасынын, Уралдын ж. б. тийиштүү стратиграфиялык бөлүмдөрү м-н салыштырылган О. Азия ирустары ж-а ируспалары, биозоналар бөлүнгөн. Көмүр кендерин өздөштүрүүдө юра мезгилинин континенттик чөкмө тектеринин стратиграфиясын ж-а андагы флора калдыктарын иштеп чыгууга (М. И. Брик, Е. П. Брунс, Т. А. Сикстель, В. Н. Огнев ж. б.) зор көңүл бурулду. Бор мезгилинин деңиз шартында пайда болгон чөкмө тектеринин (Фергана ойдуңунда кеңири өнүккөн) стратиграфиясын изилдөөлөрдүн башталышы А. Д. Архангельскийдин эмгектеринде кездешет. Кийин О. С. Вялов азыркы кезде кабыл алынган провинциялык шкаланы түздү. Үстүкү бордун чөкмө тектеринен аммониттүү бир нече таанык деңгээлдердин табылышы (З. Н. Попкова), эндемиялык эбелек бакалоордууларын калдыктарын изилдөөгө тартылган жерг. шкаланы бор системасынын бирдиктүү стратиграфиялык шкаласы м-н өнөнимдүү корреляциялоого мүмкүндүк берди. 1930—40-жылдарда О. С. Вялов иштеп чыккан Фергананын палеоген мезгилинде пайда болгон деңиз чөкмө тектеринин стратиграфиясы өзгөчө жок. Системанын астыкы ж-а үстүкү чеги, о. эле бухара, сузак, алай

кабаттарынын коломдору ж-да ар түрдүү пикирлер бар. Кайнозойдун континенттик шартта пайда болгон тоо тек катмарлары литостратиграфиялык жактан абдан толук изилденди (В. И. Попов, С. С. Шульц, Н. П. Васильковский, П. К. Чихачёв, Б. А. Петрушевский ж. б.). Бардык тоо аралык ойдундар үчүн неоген системасын болукторго ажыратуу схемалары түзүлдү.

Литология. Кыргызстандын аймагын литологиялык жактан изилдөө Ортоңку Тянь-Шандын поликомпоненттүү каражын комуртек-кремний-сланец формациясын камтыган кембрий-ордовик, ошол эле тектоникалык бирдиктеги девондун — астыцкы карбондун карбонаттериген катмарлары, юранын комурлүү ж-а палеогендин нефтилүү чокмолору, кайнозойдун континенттик моласстары сыяктуу литология-стратиграфиялык айрым болумдорүнүн рудалуулугун изилдөө м-н тыгыз байланыштуу. Кембрийге чейинки мезгилдин тоо тектери, Жетим темир рудалуу бассейнindеги венд комплексинин моласстары, Талас — Кара-Тоо зонасындагы флишмоллас формациялары ачылып, изилдене баштаган. Изилдоочулор тобу (М. М. Адышев ж. б.) кембрий-ордовиктин каражын-комуртек-кремнийлүү сланец формациясындагы тоо тектердин литологиялык составын толук анализдешкен. Алар Ортоцку Тянь-Шандын, о. эле Түш. Тянь-Шандын аймактарында формациянын кецири таралгандыгын аныкташкан. Жетим кырка тоосундагы жетим свитасынын литологиясы (Б. Жолдошев, В. Г. Королёв), андагы темир рудасынын таралыш мүнөзү, топтошуу шарты изилденген; кен жанар тоо-чокмо тибине кире турганы аныкталган (К. Сагындыков) Жетим кырка тоосунун темир-марганец-кремнийлүү катмарын изилдоодо (Л. Д. Медведев) рудалуу катмарлардын жашы алгачкы ордовик мезгилине туура келип, минералдашуусу б-ча темир марганец седиментация-диагенездик жол м-н пайда болушу корсотулгон. Тянь-Шандын карбонаттык формациядагы стратиформдук коргошун-цинктин руда пайда болушун издоо (Ү. Асаналиев) критерилси иштелип чыккан.

Кыргызстандын аймагында ар түрдүү кендерге (комур, нефть, газ, минералдуу туздар, боксит, каолин, гипс, жез, марганец, сейрек ж-а чачынды элементтер ж. б.) бай мезозой-кайнозойдун гумиддик ж-а ариддик литогенездүү чокмо тектери кецири таралып, алардын базасында коптогон тоо-кен ишканалары м-н нефть промыселдери иштоодо ж-а жацыдан долбоорлонууда. Астыцкы юранын чокмо тектери литологиялык жактан бирдей изилденген эмес. Ал тектерге комур топтолгон эң маанилүү 3 аймак (Түн. Тянь-Шань, Түш. Тянь-Шань ж-а Гиссар — Алай) байланыштуу. Литологдордун күч-аракети Түш. ж-а Түн. Фергананын перспективалуу райондорунда чалгындалып жаткан ири объектилерди негиздоого багытталган. Геологдордун цоц тобу (Е. П. Брунс, А. И. Гинзбург, И. И. Горский, Ф. Т. Каширин, Г. Ф. Крашенинников, В. Н. Огнев, Т. А. Сикстель, Ю. В. Станкевич, Н. В. Шабаров ж. б.) чокмо тектердин негизги литология-фациялык комплекстерин болүүгө, чогундулордун бассейндеринин геохимиялык кырдаалына, климаттык шарттарына, органикалык дүйнөгө, комурдун түрүнө ж-а сапатына, чогуу кездешүүчү кен байлыктардын жайгашуусунун закон ченемдерин мүнөздоого мүмкүндүк берген олуттуу изилдоолорду аткарышты. Бул маалыматтардын бардыгы О. Азиянын комурдүүлүгүнүн палеогеографиялык ж-а прогноздук карталарын мындан ары толук түзүүгө негиз болду (В. М. Михайлов, С. Г. Чикрызов, В. И. Троицкий, Ф. Т. Каширин ж. б.). Кыргызстандын бор чокмо тектеринин литологиясын изилдоодогу ийгиликтер А. Д. Архангельский, Д. В. Наливкин, Л. Б. Рухин, О. С. Вялов, В. И. Попов, С. И. Симаков, А. М. Габрильян, А. М. Акрамхожаев, А. Г. Бабаев, Р. Ф. Геккер ж. б-дын ысымдары м-н байланыштуу.

Фаупа м-н флора кездешпеген континенттик калың чокмо тектерди изилдоо ж-а комплекстүү ритмостратиграфиялык корреляция ыкмаларын колдонуп, В. И. Попов кайнозой моласстарын ар тараптан ж-а пландуу изилдеген. Тектониканын ж-а климаттын ритмдүүлүгүн, литологиялык, минералогиялык ж-а геохимиялык өзгочөлүктөрдү анализдоо О. Азиядагы моласстык формацияларын колоцун, чокмо тектердин фациялык тегин, моласстын континенттик шартта пайда болушун биринчи жолу аныктоого мүмкүндүк берди. Түн. Кыргызстандын тоо аралык ири ойдундарынын (Чүй, Ысык-Көл, Кочкор) кен байлыктарына, литологиялык составына, геохимиялык өзгочөлүктөрүнө ж-а палеоген-неоген чокмо тектеринин палеогеографиялык шарттарына геологдор — Л. И. Вертунов, М. В. Неймытев, А. Х. Ибрагимов, И. Ибрагимов, М. А. Талипов, А. Турдукулов, В. И. Щербина, Түш. Кыргызстандыкына — А. М. Габрильян, Н. И. Граднев, Л. И. Вертунов, М. А. Иванов, А. К. Трофимов өз эмгектеринде толук мүнөздоме беришти.

Тектоника. Тянь-Шанды тектоникалык жактан райондоштуруунун негизи Д. В. Наливкин тарабынан түзүлүп, кийинки жылдарда бул проблеманы В. А. Николаев, А. В. Пейве, В. И. Попов, И. М. Синицын, В. Н. Огнев, С. С. Шульц, Д. П. Резвой, Н. П. Васильковский ж. б. уланткан. Структура-формациялык ж-а тарыхый геологиялык негизде кыймылдуу (геосинклиналдык) алкактарды тектоникалык жактан райондоштуруунун негизги принциптерин иштеп чыгууга башкы коцул бурулду. В. А. Николаевдин пикири б-ча структура-формациялык зоналарды болүүдө катмарлардын калыцдыгындагы ж-а формациялык составындагы өзгөрүлмолүү кыймылдын режимин, алардын ички кыймылдуу алкактык абалын, структура-формациялык комплекстердин түзүлүшүнүн толук убактысын, бүктолүүлөрдүн, магматизмдин ж-а метаморфизмдин өзгочөлүктөрүн эске алуу зарыл. Структура-формациялык райондоштуруунун комплекстүү ыкмасы В. А. Николаевге кыймылдуу алкактардын өнүгүшүндөгү стадиялуулукту аныктоого мүмкүндүк берген ж-а Ю. А. Билибиндин оригиналдуу металлогениялык концепциясын, В. И. Смирнов, Х. М. Абдуллаев, Е. Д. Карпова, К. Л. Бабаев ж. б. тарабынан ишгелип чыккан Тянь-Шандын металлогениялык райондоштуруу схемаларын түзүүгө шарт түзгөн. Структура-формациялык райондоштурууда Н. М. Синицын ушуга жакын концепцияны колдонуп, бүктолүү зонасы пайда болуп бүткөн мезгилди биринчи планга койгон. Бул Ферганны курчаган тоолордун тектоникалык райондоро болүнүшүнүн эң толук системасын түзүүгө мүмкүндүк берди. Алай-Түркстан кырчоосундагы сурьма-сымап рудаланышынын жайгашуу закон ченемин аныктоодо Н. М. Синицын структура-формациялык анализдоону колдонгон. В. А. Николаев м-н Н. М. Синицындын идеялары В. И. Кнауф, А. Е. Довжиков, Г. С. Порияков, М. И. Кухтиков, Е. И. Зубцов, В. Г. Королёв ж. б. тарабынан андан ары өнүктүрүлдү. Тянь-Шандын тектоникасы б-ча бардык өзгөрүүлөр м-н тактоолор геологиялык съёмкадан ж-а тематикалык изилдоолордон алынган тоо тек катмарлары м-н фациялардын таралышы, 2- ж-а 3-даражадагы структуралык элементтер чокмо тоо тек ж-догу жацы маалыматтарга негизделген.

Тянь-Шандын геологиясын изилдоо терец жаракалар теориясын түзүүгө негиз болгон. Кезегинде В. А. Николаев структура-формациялык комплекстердин тектоникалык өз ара катнашына карай герцин ж-а каледон структураларын чектеп жаткан Тянь-Шандын «эң негизги» структуралык тилкеси ж-до идеяны сунуш кылган. Андан кийин В. И. Попов, В. Н. Огнёв, И. М. Синицын кыймылдуу зоналардын түзүлүшүндө жаракалардын ролу зор экенин көрсөтүштү. Натыйжада А. В. Пейве толук иштеп чыккан терец жаракалар ж-до идея пайда болгон. Бул идея Кыргызстандын тектоникасын изилдеген коптогон геологдордун арасында колдоого алынды. Жаракаларды изилдоого, алардын магмалык (К. Д. Помазков) ж-а эндогендик руда формацияларынын (В. И. Смирнов, В. Н. Козеренко ж. б.) жайгашуу-

сундагы ролуна арналган бир катар эмгектер жазылды. Тянь-Шанда жер кыртышынын терец бөлүктөрүнүн түзүлүшү ж-догу геофизикалык маалыматтарды пайдалануу күчөтүлгөн (И. Х. Хамрабаев, В. И. Кнауф, Б. Б. Тальвирский, Н. Я. Кунин ж. б.). Тянь-Шандын мисалында иштелип чыккан тектоникалык башка маанилүү идеялардын ичинен седиментация м-н бир мезгилде бүктолүүлөрдүн узак убакыт ж-а тынымсыз онүгүшү (В. И. Попов, Д. В. Наливкин, С. С. Шульц, Н. М. Синицын ж. б.), тектониканын, магматизмдин ж-а метаморфизмдин өз ара байланыштары, структуралык пландагы ж-а структуралык өөрчүүдөгү мурдагы процесстердин уланышы, мурдагы структуранын фонунда жацы структуранын пайда болушу (А. В. Пейве, В. А. Николаев, С. С. Шульц, В. Г. Королёв), платформаларда геосинклиналдардын кездешүүсү (А. В. Пейве, Н. М. Синицын, А. В. Вонгаз, В. И. Огнёв, В. Г. Королёв), эң соңку тектоникалык кыймылдардын өзгөчө мүнөзү ж-а орогенездик кырчоолордун платформалары, геосинклиналдары м-н бирге жер кыртышынын үчүнчү эң маанилүү структуралык элементтери катары болүнүшү (С. С. Шульц ж. б.), жер кыртышынын терец структураларынын келки мүнөзү (В. И. Кнауф, К. Д. Помазков ж. б.) ж-догу ойлорду болуп көрсөтүүгө болот.

Петрография. Магма тектери Кыргызстандын аймагынын бештен бир болүгүн эөлейт. Түн. Кыргызстандагы гранитоиддердин конкреттүү массивдери б-ча Тянь-Шандын интрузия тоо тектерин петрографиялык жактан изилдөө иштери В. А. Николаевдин жетекчилиги астында башталган. Талас Ала-Тоосундагы жегичтүү тоо тектерди изилдөө ж-а Тянь-Шандын башкы структура-формациялык зоналарында магматизмди мезгилдештирүү биринчи жолу жүргүзүлдү. Кийинчерээк В. А. Николаев гидротерм эриндилеринин генезисин аныктоодо колдонулуучу физика-химиялык системаларды изилдегендердин бири болгон. А. В. Москвин, И. К. Никитин тарабынан жүргүзүлгөн Түш. Тянь-Шандагы, В. Н. Козеренконун Түн. Тянь-Шандагы изилдөөлөрү айрыкча маанилө ээ болду. Айрым интрузиялар б-ча ушул өцдүү бир катар изилдоолор согуштан кийинки жылдарда жарыялангган.


Маалыматтардын коп топтолушу бүткүл Тянь-Шань ж-а анын айрым структура-формациялык зоналары б-ча магмалык процесстердин өнүгүшүнүн тагыраак жалпы схемаларын түзүүгө мүмкүндүк берди. 1958-ж. Ташкентде өткөн Бүткүл союздук 2-петрографиялык кецешмеде Д. И. Елютин, В. И. Кнауф, А. А. Конюк, К. Д. Помазков Түн. Тянь-Шандагы интрузия комплекстеринин жалпы ыраттуулугун баяндашты. В. Г. Королёвдун, Л. В. Носыревдин ж-а С. Д. Туровскийдин (60-жылдары) бир катар илимий макалалары да ушул маселеге арналган. Т. А. Додонова абсолюттук жашты аныктоо б-ча коптогон ыкмаларды колдонуп, Тянь-Шандын чыгыш болүгүндөгү магма тоо тектерин толук стратификациялаган. Ал Е. Н. Горецкая м-н бирге бүткүл Тянь-Шандын эффузиялык ж-а интрузиялык формацияларын өнүгүү этаптары б-ча болуштүрүү м-н алардын класстарга ажыратын иштеп чыккан. Ошентип, магматизм б-ча маалыматтарды жалпылаштыруунун бири бирин толуктап турган 2 жолу — тарыхый-геологиялык ж-а структура-формациялык жолдору белгиленген.

Эндоген кендерди интрузия м-н байланышта экенин аныктоодо минералогиялык ж-а геохимиялык изилдоолор кецири кулач жайды (60—70-жылдар). Бул багытта С. Д. Туровский, А. А. Конюк ж. б. бир катар ири жүргүзүштү. С. Д. Туровский СССРдин башка илимпоздору м-н бирге (В. В. Ляхович, М. Г. Рут, И. Хамрабаев ж. б.) акцессор минералдары ж-а элементтери, алардын магмалык, магмадан кийинки процесстердин геохимиясын билүүдөгү маанини ж-догу илимдин калыптанышына ж-а өнүгүшүнө, о. эле металлогенияга зор салым коштон. Каледондук интрузия комплекстеринин биринде Л. В. Таусон, Б. И. Злобин (Москва) ж. б. тарабынан металлогениялык ж-а геохимиялык адистештирүүнүн бир катар методикалык маселелери чечилди. Л. Л. Перчуктун физика-химиялык петрология б-ча, А. Б. Бакировдун тектоника м-н метаморфизмдин ортосундагы байланыш б-ча изилдоолорун да белгилоого болот.

Кен байлыктары. Кыргызстандын аймагындагы кен байлыктардын пайда болуу, жайгашуу ж-а топтолуу закон ченемдери ж-догу проблеманын теориялык негиздерин иштеп чыгууга А. Е. Ферсман, Д. И. Щербаков, В. И. Смирнов, А. А. Сауков, Х. М. Абдуллаев ж. б. (20—30-жылдар) чоң салым коштукан. Кийинчерээк бул изилдоолордү жерг. геологиялык мекемелер, баарынан мурда Кыргыз ССР геология башкармасы ж-а Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-ту, о. эле Москва, Ленинграддын, союздаш респ-калардын геологиялык мекемелери улантышты. Түркстан-Алай тоолорунун түн. капталында ири сыман-сурьма кен кырчоосунун бар экендиги ж-догу пикир биринчи жолу 1928—32-ж. Д. И. Щербаков тарабынан айтылган. Ал кийинчерээк бул пикирди онүктүрүп, айрым жактарын тактаган. Пикир андан ары В. И. Смирнов тарабынан толук негизделген («Геология ртутных месторождений Средней Азии», 1947). Кийинки геологиялык чалгындоо иштеринде мурда белгиленген руда кырчоосунун аймагында кендердин ж-а руда боло турган жерлердин бүтүндөй сериясы табылып, бул пикирди биротоло бекемдеген. Көрсөтүлгөн кырчоодо коп жылдардан бери геологиялык-издоо, чалгындоо жумуштары ж-а тематикалык изилдоолор ири масштабда туруктуу жүргүзүлүүдө; ар түрдүү масштабдагы геологиялык ж-а прогноздук-металлогениялык карталар түзүлүүдө. А. В. Королёв, В. Э. Поярков, Н. А. Никифоров, В. Т. Сургай, В. П. Федорчук сыман-сурьма кендерин изилдеген коп эмгек сицирилти. Рудалуу алкактардагы сыман-сурьма кендерин локализациялоонун литостратиграфиялык, структуралык, геохимиялык шарттарын, минералогиялык ж. б. маселелерди изилдөө Кыргыз ССР Геология башкармасынын ж-а Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун геологдорунун цоц тобу тарабынан улантылууда.

Кыргызстандын аймагында майда ж-а орто полиметалл кендери ж-а түрдүү типтеги коптогон руда кенчелери бар жерлер аныкталды. Аларды изилдөө Б. Н. Наследов, В. И. Смирнов, Ю. П. Ивенсен ж-а Е. А. Радкевич, З. Е. Бурыхина тарабынан жүргүзүлө баштаган. Д. Абдрисаев, Ү. Асаналиев, Г. П. Богомазов, И. К. Давлетов, Р. Женчороева, К. Курманалиев, А. Миңжылкиев, В. М. Попов, А. М. Тугаринов, С. Д. Туровский, А. Д. Шмулевич, У. Хусаинов ж. б-дын эмгектери ушул металлдардын кендерин изилдөөгө арналган (50—70-жылдар). Тянь-Шандын металлдуу терригенкарбонаттык формациясына таянып, В. М. Попов рудалардын чокмо жолу м-н пайда болуу теориясын онүктүрдү. Асыл металлдардын, асырese, алтындын геологиясы б-ча бир катар баалуу изилдоолор жүргүзүлдү. К. Л. Бабаев, И. К. Давлетов, Ю. А. Арапов, А. А. Аверин тарабынан айрым рудалуу райондор б-ча көз бир жалпылоочу изилдоолор ишке ашырылды. Кыргызстандын айрым райондорунун алтын рудасынын генезиси, структуралык ж-а геохимиялык өзгочөлүктөрү ж-до маалыматтар И. А. Айзенштат, С. Т. Бадалов, Д. Женчороев, В. Н. Долженко, С. Я. Клемперт тарабынан берилген.

Кыргыз геологдорунун коп жылдык изилдоолорунун натыйжасында реси-канын аймагында калай перспективалуу экендиги аныкталды. Чыгын болүгүнөн калайдын о. ж-лык маанидеги кендери табылып, алар таралган район ыраатуу ж-а пландуу изилденүүдө (Э. Байболотов, М. П. Материков, И. И. Дорошенко, А. Б. Павловский, В. А. Ставинский, Н. Л. Мозолев). Тянь-Шандын комуртек-кремнийлүү формациядагы кээ бир сейрек элементтерин, асыресе молибден, ванадий ж-а фосфордун жайгашуусунун закон ченемдери, геохимиялык өзгочөлүктөрү М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, В. В. Шабалин тарабынан изилденген ж-а жалпыланган.



Кыргыз ССР ИАнын М. М. Адышев атн. Геология ин-тунун эндогендик руда пайда болуу лабораториясында. 1979.

Жетим кырка тоосунан гематит — магнетит составындагы жаңар тоо-чокмо темир руда бассейни табылган, ага Б. Жолдошевдин, К. Сагындыковдун, Э. Шакировдун ж. б. илимпоздордун эмгектеринде мүнөздөмө берилген. Кыргызстандын аймагында металлогениялык кеңири изилдөөлөр жүргүзүлдү (Е. А. Карпова, К. Л. Бабаев, Ю. А. Арапов). 80-жылдарда бул иштерди Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-ту м-н Кыргыз ССР геология башкармасы ийгиликтүү жүргүзүп жатат. Натыйжада Кыргызстандын жаңы кен байлыктарын ачууда ж-а мындан ары геологиялык чалгындоо жумуштарын планда штырууда чоң мааниси бар ири рудалуу райондордун түрдүү масштабдагы прогноздук-металлогениялык карталары түзүлдү. Ф. И. Вольфсон м-н В. А. Невский рудалуу талаалардын ж-а кендердин структураларын ыраатгуу изилдетти. Кен байлыктардын ар кандай түрлөрүнүн пайда болуу ж-а таралуу закон ченемдерин терең изилдөө, аларды издөөнүн жаңы методдорун иштеп чыгуу, прогноздук карталарды так маалыматтар м-н толуктоо ж-а алардын негизинде реси-канын тоо-кен о. ж-нын туруктуу минералдык-сырьёлук базасын түзүү — жер астын изилдөөчүлөрдүн эң маанилүү милдети.

М. М. Адышев

Геофизика (Жердин катуу кабыгынын физикасы). Чалгындоонун геофизикалык ыкмалары 1930-ж. Ак-Түз, Уч-Эмчек, Бооруу, Ачык-Таш, Кызыл-Кыя ж-а Сулуктү кендеринде вертикалдуу электрзондоону (ВЭЗ) модификациялоочу электр-чалгындоо жумуштары ишке ашырылгандан тартып колдонула баштады. 1933-жылдын аягында реси-када алгачкы жолу полиметалл ж-а сурьма-сымап кендерине магниттик чалгындоо жүргүзүлгөн. 1947-ж. чакан аянтгарда сейсмдик чалгындоо б-ча тажрыйба иштери откорүлгөн. 1952-жылдан республиканын геологдорунун алдына Кыргызстандын аймагындагы жер кыртышынын терендиктеги түзүлүшүн изилдөө милдети коюлгандан тартып, пландуу геофизикалык иштер жүргүзүлө баштады. Мис., реси-канын түш. райондорунда геологиялык изилдөөлөр м-н бирге аянтгык сейсмдик чалгындоо, электр м-н чалгындоо ж-а аэромагниттик иштер жүргүзүлүп, алардын натыйжасында Фергана ороогундо нефть м-н газы бар перспективалуу структуралар табылды; Түш. Фергана сымап кырчоосунда силур сланецтери жылып, карбондун руда контролдоочу ак таштарынын үстүн жаап калгандыгы ж-а анын терендиги аныкталды. 1954-жылдан геофизикалык изилдөөлөрдү Кыргыз ССР ИА жүргүзө баштады. 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын геология, физика ж-а математика ин-ттары магнитометриялык (М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, Э. Шакиров) ж-а сейсмологиянын (Е. А. Розова) радиогеофизикасын иштеп чыгуу ж-а колдонуу б-ча биргелешкен ыраатгуу изилдөөлөрдү башташкан. Геология ин-ту жүргүзгөн радиогеофизикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында коп тоо тектеринде сейрек ж-а чачынды металлдардын ар кандай түрлөрү, алардын бөлүнүп чыгышынын, локализацияланышынын ж-а топтоштурулушунун формалары белгиленген, мунун өзү тинтептирүүнү жүзөгө ашырууга ж-а О. Азия м-н Түш. Казакстандын руда кендеринин айрым тинтеринин перспективалуулугун белгилөөгө мүмкүндүк берген. Аткарылган магниттик чалгындоо жумуштары ачык жол м-н казып алууга ыңгайлуу ж-а реси-канын кара металлургиясынын потенциалдуу, перспективалуу рудалык базасы болгон Жетим ири темир кенин ачууга ж-а толук изилдөөгө шарт түзгөн. Сейсмологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Түн. Кыргызстанда болгон жер тинтроолордун сейсмдик толкундар годографы түзүлгөн. Радиоактивдүү рудалар м-н минералдарды изилдөөлөр уран 234 ж-а уран 238дин табигый шартта болүнүшүнүн эффектисин ачууга алып келди (В. В. Чердынцев, П. И. Чалов). Бул кубулуш туюк колмолордун абсолюттук жашын, жер астындагы суулардын пайда болуунун ж-а алардын агымдарын аныктоодо пайдаланылды.

60-жылдардын башынан комплекстүү геофизикалык изилдөөлөр кеңири өнүгө баштады. Бул мезгилде нефть, газ ж-а жылуу суулардын издөөгө байланыштуу Тянь-Шандагы тоо аралык ойдундардын терендик түзүлүшүн изилдөө милдети коюлгандан тартып, ири масш., респ-канын түш. райондорунда геологиялык изилдөөлөр м-н бирге аянтгык сейсмдик чалгындоо, электр м-н чалгындоо ж-а аэромагниттик иштер жүргүзүлүп, алардын натыйжасында Фергана ороогундо нефть м-н газы бар перспективалуу структуралар табылды; Түш. Фергана сымап кырчоосунда силур сланецтери жылып, карбондун руда контролдоочу ак таштарынын үстүн жаап калгандыгы ж-а анын терендиги аныкталды. 1954-жылдан геофизикалык изилдөөлөрдү Кыргыз ССР ИА жүргүзө баштады. 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын геология, физика ж-а математика ин-ттары магнитометриялык (М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, Э. Шакиров) ж-а сейсмологиянын (Е. А. Розова) радиогеофизикасын иштеп чыгуу ж-а колдонуу б-ча биргелешкен ыраатгуу изилдөөлөрдү башташкан. Геология ин-ту жүргүзгөн радиогеофизикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында коп тоо тектеринде сейрек ж-а чачынды металлдардын ар кандай түрлөрү, алардын болүнүп чыгышынын, локализацияланышынын ж-а топтоштурулушунун формалары белгиленген, мунун өзү тинтептирүүнү жүзөгө ашырууга ж-а О. Азия м-н Түш. Казакстандын руда кендеринин айрым тинтеринин перспективалуулугун белгилөөгө мүмкүндүк берген. Аткарылган магниттик чалгындоо жумуштары ачык жол м-н казып алууга ыңгайлуу ж-а реси-канын кара металлургиясынын потенциалдуу, перспективалуу рудалык базасы болгон Жетим ири темир кенин ачууга ж-а толук изилдөөгө шарт түзгөн. Сейсмологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Түн. Кыргызстанда болгон жер тинтроолордун сейсмдик толкундар годографы түзүлгөн. Радиоактивдүү рудалар м-н минералдарды изилдөөлөр уран 234 ж-а уран 238дин табигый шартта болүнүшүнүн эффектисин ачууга алып келди (В. В. Чердынцев, П. И. Чалов). Бул кубулуш туюк колмолордун абсолюттук жашын, жер астындагы суулардын пайда болуунун ж-а алардын агымдарын аныктоодо пайдаланылды.

60-жылдардын башынан комплекстүү геофизикалык изилдөөлөр кеңири өнүгө баштады. Бул мезгилде нефть, газ ж-а жылуу суулардын издөөгө байланыштуу Тянь-Шандагы тоо аралык ойдундардын терендик түзүлүшүн изилдөө милдети коюлгандан тартып, пландуу геофизикалык иштер жүргүзүлө баштады. Мис., реси-канын түш. райондорунда геологиялык изилдөөлөр м-н бирге аянтгык сейсмдик чалгындоо, электр м-н чалгындоо ж-а аэромагниттик иштер жүргүзүлүп, алардын натыйжасында Фергана ороогундо нефть м-н газы бар перспективалуу структуралар табылды; Түш. Фергана сымап кырчоосунда силур сланецтери жылып, карбондун руда контролдоочу ак таштарынын үстүн жаап калгандыгы ж-а анын терендиги аныкталды. 1954-жылдан геофизикалык изилдөөлөрдү Кыргыз ССР ИА жүргүзө баштады. 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын геология, физика ж-а математика ин-ттары магнитометриялык (М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, Э. Шакиров) ж-а сейсмологиянын (Е. А. Розова) радиогеофизикасын иштеп чыгуу ж-а колдонуу б-ча биргелешкен ыраатгуу изилдөөлөрдү башташкан. Геология ин-ту жүргүзгөн радиогеофизикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында коп тоо тектеринде сейрек ж-а чачынды металлдардын ар кандай түрлөрү, алардын болүнүп чыгышынын, локализацияланышынын ж-а топтоштурулушунун формалары белгиленген, мунун өзү тинтептирүүнү жүзөгө ашырууга ж-а О. Азия м-н Түш. Казакстандын руда кендеринин айрым тинтеринин перспективалуулугун белгилөөгө мүмкүндүк берген. Аткарылган магниттик чалгындоо жумуштары ачык жол м-н казып алууга ыңгайлуу ж-а реси-канын кара металлургиясынын потенциалдуу, перспективалуу рудалык базасы болгон Жетим ири темир кенин ачууга ж-а толук изилдөөгө шарт түзгөн. Сейсмологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Түн. Кыргызстанда болгон жер тинтроолордун сейсмдик толкундар годографы түзүлгөн. Радиоактивдүү рудалар м-н минералдарды изилдөөлөр уран 234 ж-а уран 238дин табигый шартта болүнүшүнүн эффектисин ачууга алып келди (В. В. Чердынцев, П. И. Чалов). Бул кубулуш туюк колмолордун абсолюттук жашын, жер астындагы суулардын пайда болуунун ж-а алардын агымдарын аныктоодо пайдаланылды.

60-жылдардын башынан комплекстүү геофизикалык изилдөөлөр кеңири өнүгө баштады. Бул мезгилде нефть, газ ж-а жылуу суулардын издөөгө байланыштуу Тянь-Шандагы тоо аралык ойдундардын терендик түзүлүшүн изилдөө милдети коюлгандан тартып, пландуу геофизикалык иштер жүргүзүлө баштады. Мис., реси-канын түш. райондорунда геологиялык изилдөөлөр м-н бирге аянтгык сейсмдик чалгындоо, электр м-н чалгындоо ж-а аэромагниттик иштер жүргүзүлүп, алардын натыйжасында Фергана ороогундо нефть м-н газы бар перспективалуу структуралар табылды; Түш. Фергана сымап кырчоосунда силур сланецтери жылып, карбондун руда контролдоочу ак таштарынын үстүн жаап калгандыгы ж-а анын терендиги аныкталды. 1954-жылдан геофизикалык изилдөөлөрдү Кыргыз ССР ИА жүргүзө баштады. 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын геология, физика ж-а математика ин-ттары магнитометриялык (М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, Э. Шакиров) ж-а сейсмологиянын (Е. А. Розова) радиогеофизикасын иштеп чыгуу ж-а колдонуу б-ча биргелешкен ыраатгуу изилдөөлөрдү башташкан. Геология ин-ту жүргүзгөн радиогеофизикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында коп тоо тектеринде сейрек ж-а чачынды металлдардын ар кандай түрлөрү, алардын болүнүп чыгышынын, локализацияланышынын ж-а топтоштурулушунун формалары белгиленген, мунун өзү тинтептирүүнү жүзөгө ашырууга ж-а О. Азия м-н Түш. Казакстандын руда кендеринин айрым тинтеринин перспективалуулугун белгилөөгө мүмкүндүк берген. Аткарылган магниттик чалгындоо жумуштары ачык жол м-н казып алууга ыңгайлуу ж-а реси-канын кара металлургиясынын потенциалдуу, перспективалуу рудалык базасы болгон Жетим ири темир кенин ачууга ж-а толук изилдөөгө шарт түзгөн. Сейсмологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Түн. Кыргызстанда болгон жер тинтроолордун сейсмдик толкундар годографы түзүлгөн. Радиоактивдүү рудалар м-н минералдарды изилдөөлөр уран 234 ж-а уран 238дин табигый шартта болүнүшүнүн эффектисин ачууга алып келди (В. В. Чердынцев, П. И. Чалов). Бул кубулуш туюк колмолордун абсолюттук жашын, жер астындагы суулардын пайда болуунун ж-а алардын агымдарын аныктоодо пайдаланылды.

бирдиктүү кызматынын программасы б-ча ири жүргүзгөн 32 сейсмдик станциядан турган тармак иштеп жатат. Ин-тта сейсмдик кыймылга туруктуу курулуштарды куруу проблемалары б-ча фундаменттүү ж-а колдонмо илимий изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Бул проблемаларга респ-канын калк жыш отурукташкан түн. жак аймагын сейсмдик жактан толук райондоштуруунун, шаарларды, гидротехникалык курулуштар жайгашчу аянттарды микрорайондоштуруунун комплекстүү ыкмаларын иштеп чыгуу, ири суу сактагычтарды толтурууда пайда болгон сейсмдүүлүктү, сейсмдик жактан кооптуу зоналардагы жер кыртышынын ж-а жердин үстүнкү мантиясынын түзүлүшүн, сейсм режимин изилдөө кирет. Жердин магниттик талаасынын режимине байкоо жүргүзүүнүн негизинде геомагнит талаасы ж-а сейсмдүүлүктүн ортосундагы вертикаль түзүүчүсүнүн өзгөрүү корреляциясы, о. эле жер титиреө болор алдында жер астындагы суулардын газ-химиялык составынын вариацияларын аныктады (К. Е. Калмурзаев, Э. Шакиров, А. Э. Кабо).

Геофизикалык ж-а сейсмологиялык маалыматтардын комплекси б-ча Тянь-Шандын жер кыртышынын ж-а үстүнкү мантиясынын былдамдыгынын бирдей эместигинин карталары түзүлдү. Жер шарынын бул кабыкчаларынын структурасынын өзгочөлүктөрү м-н катуу жер титиреолордун байланышы аныкталды (Ф. Н. Юдахин, Т. М. Собитова). Ош обл-нын түн. бөлүгүн, Чүй ороогундогу райондорду ж-а аны курчап турган тоолорду толук сейсмдик жактан райондоштуруунун карталары (К. Ж. Жанузаков, Б. И. Ильясов, К. Е. Калмурзаев, В. И. Кнауф, О. К. Чедия), Фрунзе, Ош, Токмок, Нарын, Жалал-Абад, Кара-Балта ш-ларын, Орловка посёлкасын сейсмдик микрорайондоштуруу карталары (К. Е. Калмурзаев, А. Т. Турдукулов, Ш. Д. Дүйшопалиев, З. Ф. Репина) түзүлүп, эл чарбасында пайдаланылууда. Ал карталар турак-жай, о. ж., ирригация ж-а жол курулуш объектилерин сейсмдик жактан жагдайсыз участкалардан тышкары жерлерге рационалдуу жайгаштыруруга, имараттардын кабаттуулугун жогорулатууга, тартыш металл конструкцияларга кеткен чыгымдарды азайтууга мүмкүндүк берет. Геофизикалык изилдөөлөр аймактын сейсмдик кооптуулугун аныктоодон баштап, кен байлыктар чыккан жерлерди издөөгө ж-а чалгындоого чейинки ар түрдүү эл чарба милдеттерин чечүү үчүн колдонулат, о. эле респ-када жүргүзүлүп жаткан геологиялык жумуштардын комплексинде негизги орундардын бирин ээлейт.

К. Е. Калмурзаев

Физикалык география изилдери. Кыргызстандын аймагы анын ар түрдүү табигый кубулуштары ж-а комплекстери ж-да түшүнүктөрдүн б. а. географиялык билимдин пайда болушу адам коомунун эң алгачкы учурларына туура келет. Бирок, ал билимдердин мүнөзү ж-догу көз бир жазма далилдер б. а. ч. 1-миң жылдыктан бери гана белгилүү (грек-рим чыгармалары, кытай хроникалары, «Авестадан» үзүндүлөр ж. б.). Материктин бул бөлүгүндөгү Ойхарддын (Тарым), Окстун (Аму-Дарыя), Яксарттын (Сыр-Дарыя) ж. б. ири дарыялардын суу болгучу болгон О. Азиянын чыгышындагы өлкөнүн тоолуу турпаты ж-догу түшүнүк байыркы заман үчүн маанилүү болгон.

Орто кылымдарда Евразиянын түрдүү өлкөлөрүнүн ортосунда саясий, соода катнаштарынын түзүлүшү ж-а өнүгүшү м-н географиялык түшүнүктөр кеңейет, салыштыруулар жасалат, толук эмес маалыматтуу, бирок кээде Тянь-Шандын, Памир-Алайдын айрым табигый кубулуштарына ж-а комплекстерине таамай мүнөздөмөлөр берилген чыгармалар пайда болот (Сюань Цзан, 7-к.; белгисиз географтын маалыматтары. 10-к.; Мухаммед Хайдардын баяндамалары, 16-к. ж. б.). 19-к-дын 1-жарымында Орто ж-а Борб. Азия б-ча өтө мезгилге чейин топтолгон бардык географиялык маалыматтарды системага салууга, алардын түзүлүү ж-а өнүгүү закон ченемдерин аныктоого, Ички Азиядагы Тянь-Шандын ж. б. тоолуу өлкөлөрдүн табилгы сүроттөн жазууга аракет жасалган (К. Риттер, А. Гумбольдт ж. б.). Кыргызстанда илимий географиялын пайда болуну ж-а калыптанышы 19-к-дын орто ченинде өлкөнүн аймагында түздон түз илимий изилдөөлөр жүргөн мезгилден башталат. Анын өркүндөп өнүгүшү сов. мезгилге таандык; бул мезгилде респ-када илим-изилдөө мекемелери түзүлүп, география илимдеринин бүтүндөй системасы өнүктү.

Геоморфология. Тянь-Шань м-н Памир-Алайдын рельефинин бийик тоолуулугу ж-догу түшүнүк античный мезгилде эле болгон. Биздин замандын башталышында О. Азияда эки зор тоо системасы бар экендиги айкындалган. Алардын бири адабиятта субкендик багыттагы — Түндүк тоолор (Птолемей б-ча Согдия, Авзакия ж. б.), экинчиси меридиан багытындагы — Цунлинь (грек-рим авторлору б-ча — Комеда ж-а Имай тоолору) деген ат м-н белгилүү. Орто кылымдардагы жазма даректери б-ча («Худуд ал-Алам», 10-к. ж. б.) өлкөнүн орографиялык түзүлүшү татаал болгон, анын негизги меридиан багытындагы Маниc, кендик багыттагы Буттем, Тафкан кырка тоолору ж. б. түзгөн. Өлкөнүн картографиялык сүроттолушун Махмуд Кашгари берген (11-к.), ал Кыргызстандын ж-а ага чектеш өлкөлөрдүн азыркы аймактарына кендик ж-а меридиан багытындагы кырка тоолорду, аларды болуп турган тоо аралык туюк ойдундарды түшүргөн. 18-к-дын карталарында гана тоолуу О. Азиянын жакындаштырылган (Г. Ренат, Д. Анвиль, И. И. Исленьев ж. б.) турпаты көрсөтүлөт. 19-к-дын 1-жарымында А. Гумбольдт байыркы авторлордун Имай тоолору ж-догу божомолун Болор деген ат м-н кайрадан көтөрүп, аны Гиндукуш, Памир ж-а Тянь-Шань аркылуу өтөт деген. Ал Тянь-Шанды Кавказ сыяктуу эле жаңар тоонун аракетинен пайда болгон деп эсептеген.

Бул гипотезалардын жаңылыштыгын 19-к-дын 2-жарымындагы орус географиялык изилдөөлөрү (П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Н. А. Северцов, А. П. Федченко ж. б.), жүргүзүлгөн топографиялык съёмкалар, айрыкча И. В. Мушкетовдун сапаттары, 20-к-дын башындагы геологиялык съемкалар тарабынан далилденген. Алар өлкөнүн рельефинин чыныгы көрүнүшүн жазып, анын орографиялык ж-а геологиялык түзүлүшүнүн өзгочөлүктөрүн аныкташкан. И. В. Мушкетов (1875—1877, 1878-жылдардагы экспедицияларында) тоолуу О. Азиянын рельефи кырка тоолордон, ороондордон тураарын, кырка тоолору догоо сымал түштүккө карай ийилген тектоникалык бүктөлүүлөр экендигин көрсөткөн. 20-к-дын башында окумуштуулардын экинчи тобу (В. М. Девис, Ф. Махачек ж. б.) О. Азия тоолору тектоникалык келки түзүлүштө деген ж-а бирдиктүү тянь-шань пенепленин ж-догу ойду өөрчүткөн. Совет мезгилинде тоолуу аймакты чарбалык жактан өздөштүрүү, жол ж-а ирригация системаларын куруу максатында жүргүзүлгөн, айрыкча геологиялык ж-а атайын геоморфологиялык изилдөөлөр Тянь-Шандын, Алай-Түркстан тоо системасынын рельефин ар тараптан изилдеп билүүгө мүмкүндүк берди. Морфогенетикалык ж-а тарыхый генетикалык изилдөө, геоморфологиялык карта түзүү ыкмалары өнүгүп, комплекстүү геологиялык ж-а гидрогеологиялык изилдөөлөрдө геоморфологиялык съёмкалоо такай колдонулууда. Бул мезгилде Тянь-Шань м-н Памир-Алайдын геологиялык өнүгүшүнүн негизги этаптары аныкталган (В. А. Николаев, В. И. Попов, Н. М. Синицын, С. С. Шульц, В. Г. Королёв ж. б.), сонку тектоникалык кыймылдардын азыркы тоолуу рельефтин түзүлүшүнө тийгизген таасири көрсөтүлгөн (С. С. Шульц, Ю. А. Скворцов, И. П. Герасимов, О. К. Чедия ж. б.), рельефти түзүүчү процесстердин мүнөзү (М. И. Иверенова, Н. П. Костенко ж. б.), морфоскульптурасы (Е. Я. Ранцман, Н. П. Костенко ж. б.), алардын түзүлүшүндөгү эндоген ж-а экзоген процесстеринин өз ара катыштары (Ю. А. Скворцов, Н. П. Костенко ж. б.) көрсөтүлдү, айрым региондордун рельефи изилденди (О. К. Чедия, В. Н. Коротаев, Е. Я. Ранцман, З. Алиев, Ш. Токомбаев, Ю. В.

Бевза ж. б.), геоморфологиялык райондоштуруу жүргүзүлдү (С. С. Шульц, П. Г. Григоренко, Л. И. Турбин, Д. И. Исаев, Е. Я. Ранцман ж. б.).

Тянь-Шань м-н Памир-Алайдын антропогендеги өнүгүү тарыхын изилдөөдө алардын байыркы муз кантоолору (19-к-дын 2-жарымы — Н. А. Северцов, Н. В. Мушкетов; 20-к-дын башталышы — Г. Мерцбахер, Э. Хантингтон), саны, жашы, мореналардын ж-а тектирлүү комплекстердин морфологиясы, рельефтин байыркы муз кантоодон калган формалары, антропогендик катмарлардын стратиграфиясы ж. б. палеогеографиялык проблемалар кошо каралган. Алардын негизинде айрым жерлердин (В. В. Шумов, Н. П. Васильковский, В. В. Попов, С. В. Эпштейн, К. В. Курдюков) ж-а Кыргызстандын бүт аймагы (П. Г. Григоренко, Л. И. Турбин), о. эле О. Азия б-ча (Г. Ф. Тетюхин) антропогендик катмарлардын стратиграфиялык схемалары түзүлдү. Байыркы муз кантоолор 1—2ден (С. С. Шульц, Р. Ж. Забиров, К. К. Марков) 3—4кө чейин (П. Г. Григоренко, Л. И. Турбин, Б. А. Федорович) ж-а андан көп жолу болгондугу аныкталды; тектониканын мөңгүлөрдүн эволюциясына тийгизген таасири изилденген (Л. Г. Бондарев); мореналардын стабилдүүлүгү ж-до идеялар айтылган (Е. В. Максимов); Ысык-Көлдүн антропогендик өнүгүү тарыхы иштелип чыкты (Л. С. Берг, В. В. Шумов, Р. Ж. Забиров, И. П. Герасимов, З. В. Алёшинская ж. б.).

Климатология. Кыргызстандын инструменттик байкоолорго ж-а климаттык регион б-ча айырмачылыктарына негизделген метеоэлементтери ж-до алгачкы аныкмаалыматтар 19-к-дын 2-жарымында орус саякатчылары тарабынан билдирилген. Бирок климаттык шарттарды системалуу изилтөө 19-к-дын 80-жылдарында, метеорологиялык байкоолордун стационардык тармактары пайда болгон мезгилден тартып башталды. Гидрология-метеорологиялык кызмат системасындагы метеорологиялык пункттардын (149 пост, 82 метеорологиялык станция) таяныч тармактарынын кескин көбөйүшү, атайын кызматтардын (кар көчкүнү байкоочу, агрономия-метеорологиялык, аэрологиялык ж. б.) түзүлүшү ж-а алардын совет мезгилинде техникалык жактан кайрадан жабдылышы, системалуу экспедициялык изилдөөлөр, байкоолордун жер бетиндеги, о. эле аэрокосмостук каражаттардын маалыматтарын иштеп чыгуу, анализдөө климатты түзүүчү факторлорду, климаттын орографияга ж. б. шарттарга байланыштуулугун, жерг. микроклиматтын түзүлүшүн изилдөөгө, аба ырайынын типтерин, алардын өзгөрүүлөрүн аныктоого, тоолор м-н ороондордун агроклиматтык өзгочолуктурун билүүгө, реси-каның аймагын климаттык райондоштурууга шарт түздү. Метеорологиялык элементтерди изилдөө аркылуу Кыргызстандын термиялык шарттарынын өзгочолуктору (З. А. Рязанцева, А. В. Селоустьев, К. В. Батыгина), тоо аралык ороондордогу шамал режими ж-а Ысык-Көл кылаасындагы катуу шамалдар (В. Ф. Лойко, Н. Ф. Гельмгольц, С. А. Султанбаев, Е. С. Скиба), жаан-чачындардын аймак б-ча таралуу закон ченеми (П. Н. Пономаренко, А. А. Григорьев, А. Р. Чередниченко, А. Д. Сутягин), кар көчкүлөрдүн пайда болушу ж-а көчкү болоорун алдын ала божомолдон билүү методдору иштелип чыккан (Н. В. Максимов, Ю. П. Барбат, В. В. Зябкин). Ысык-Көл кылаасынын климаты ж-а курорт климатологиясынын проблемалары б-ча баалуу эмгектер жазылды (В. М. Фомин, Н. Г. Бикмухаметова, М. Н. Хейфец, В. В. Федулова). Климаттык (СССРдин климаты боюнча справочник, 32-чыг., Кыргызстан 5 бөлүмдөн турат), агроклиматтык справочниктер ж. б. китептер, о. эле эл чарбасы үчүн чоң маанеге ээ болгон реси-каның климаттык ж-а метеорологиялык шарттарын жалпылоочу эмгектер (Г. Л. Окулич-Казарин, А. В. Селоустьев, З. А. Рязанцева, Н. В. Максимов, П. Н. Пономаренко, Г. Х. Яр-Мухамедов ж. б.) пайда болду. Тоолуу О. Азиянын климаттын, атмосферасынын циркуляциясын ж-а аба ырайынын типтерин изилдөөдө Ташкендин ж. б. пл. борборлордун окумуштуулары (В. А. Бугаев, Е. Н. Балашова, О. М. Челпанова, К. В. Кувшинова ж. б.) жазган эмгектердин маанисин чоң.

Гляциология. Кыргызстандын тоолорундагы мөңгүлөр ж-а көп жылдык карлар ж-до байыркы заманда эле толук эмес маалыматтар болгон. Бул аймактын кармөңгүлүүлүгүн эзелтен бери белгилүү болгон орографиялык айрым объектилердин ж-а тоо системаларынын аттары да (Ала-Тоо, Муздак, Музарт, Теңиртаг, Ак-Тоо, Богдо-Ола, Тянь-Шань ж. б.) айгинелеп турат. Бирок мөңгүлөрдүн пайда болушун, Тянь-Шань м-н Памир-Алайдагы азыркы ж-а байыркы муз кантоолордун изилдөө 19-к-дын орто ченинен гана башталган. Рев-лга чейинки мезгилдеги эмгектер (П. П. Семёнов-Тян-Шанский, А. П. Федченко, А. В. Каульбарс, И. В. Мушкетов, Я. И. Корольков, Л. С. Берг, Д. И. Мушкетов, Н. Г. Кассин ж. б.), айрыкча топографиялык съёмкалар мөңгүлөрдүн ж-а тоолордогу көп жылдык карлардын бийиктик абалын, географиялык таралышын биринчи болуп корсөткөн. Бирок азыркы кездеги мөңгүлөрдүн таралышынын чыныгы корүнүшү, алардын морфологиясы, динамикасы, эволюциясы, жылуулук ж-а заттык балансы, дарыяларды суу м-н камсыз кылуудагы ролу ж. б. жактары совет мезгилинде гана изилденип такталды (Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык-география станциясы, Кыргыз ССР Гидрометеорология ж-а табигый чойрону контролдоо башкармасы, О. Азия региондук илим-изилдөө гидрометеорологиялык ин-ту, Ташкен мамлекеттик университети, СССР ИАнын География ин-ту ж. б.). Согушка чейинки мезгилдеги эмгектерден О. Азия мөңгүлөрүнүн биринчи каталогун түзгөн (1930) Н. Л. Корженевскийдин, 2-Эл аралык уюлдук жыл (1932—33) мезгилинде Борб. Тянь-Шанды изилдеген С. В. Калесниктин, Эңилчек, Кайыңды ж-а Койкан дарыяларынын алаптарындагы азыркы мөңгүлөрдүн жалпы корүнүшүн биринчи жолу аныктаган украиналык экспедициялардын (М. А. Демченко) гляциологиялык изилдөөлөрү айрыкча маанилүү. Тянь-Шандын эң бийик жери — Жеңиш чокусунун аныкталышы (1943) ж-а ага байланыштуу Кан-Теңир аймагындагы гляциологиялык изилдөөлөр, Тянь-Шань физикалык-географиясын мөңгүлөрүн изилдөөдө маанилүү этап болду. СССРде биринчи жолу Г. А. Авсюктун жетекчилиги астында жүргүзүлгөн Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы мөңгүлөрдөгү стационардык байкоолор, мөңгүлүү айрым аймактарды маршруттук изилдөөлөр. Эл аралык геофизикалык жылдын программасы б-ча (1956—57) Р. Ж. Забировдун жетекчилиги астында айрым мөңгүлөрго жүргүзүлгөн фототеодолиттик съёмкалоо, Эл аралык гидрологиялык он жылдык (1962—72) мезгилинде Тянь-Шандын ж-а Памир-Алайдын мөңгүлөрүнүн каталогун түзүү (Л. Г. Бондарев, Р. Ж. Забиров, А. Н. Диких, А. Осмонов, Б. О. Орозгожоев, В. Ф. Суслов ж. б.) Кыргызстандагы азыркы мөңгүлөрдүн так аянттары ж-до жаңы маалыматтарды алууга мүмкүндүк берди. 1940-жылдардан 80-жылдарга чейинки илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыгы гляциологиянын региондук ж-а жалпы проблемаларына арналган бир катар монографиялык ж. б. эмгектерде жалпылаштырылган (Н. Л. Корженевский, С. В. Калесник, Р. Ж. Забиров, Л. Г. Бондарев, А. Н. Диких, Е. В. Максимов ж. б.).

Геокриология. Тоң кубулуштарын 20-к-дын 30-жылдарынын башынан тартып, илимдин түрдүү тармактарынын адистери гана изилдеп келген. Геолог-дор Ички Тянь-Шандын сырттарындагы көп жылдык тоңдун калыңдыгын аныкташкан. 1950-жылдардын орто ченинен геокриологиялык изилдөөлөр системалуу жүргүзүлө баштаган. Көп жылдык тонду ж-а криогендик формаларды изилдөө б-ча экспедициялар Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык география станциясы м-н география бөлүмү уюштуруп, стационардык байкоолорду Кыргыз ССР гидрометеорология ж-а табигый чойрону контролдоо башкармасынын таяныч тармактары жүргүзүшкөн. Бул эмгектерде (М. А. Глазовская, А. П. Горбунов, У. А. Атаканов ж. б.) Тянь-Шанда тоң кубулуштарынын географиялык таралышы, пайда болуу өзгочолуктору ж-а эволюциясы илимий аныкталды, бийик тоолуу аймактарды чарбалык жактан өздөштүрүүдө, түрдүү коммуникациялык курулуштарды тургузууда геокриологиялык изилдөөлөрдүн маанилүү экендиги далилденди.

Кургактык гидрологиясы. Кыргызстандын гидрологиясы б-ча алгачкы маалыматтар 19-к-дын акырына таандык. Алар орус географиялык коомунун (П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Л. С. Берг) иштерине байланыштуу; кийин Кыргыз ССРи ж-а реси-калык гидрометеорологиялык кызмат түзүлгөнгө чейин изилдөөлөр негизинен Ташкенде жүргүзүлгөн (В. Г. Глушков, Э. М. Ольдекоп, Л. К. Давыдов, В. Л. Шульц ж. б.). Метеорологиялык бюро (1926) ж-а Кыргыз ССР гидрометеорология ж-а табигый чойрону контролдоо башкармасы (1941) уюшулгандан реси-каның аймагында гидрометеорологиялык тармактар көбөйүп, суу объекттерин изилдөө, сүроттоп жазуу өнүктү, дарыялардын агымы ж-а режими б-ча маалыматтардын бай фондусу топтолуп, гидрологиялык жылдыктарда ж. б. маалымый адабияттарда системага салынышы ж-а жарыялаңышы эл чарбасын гидрологиялык тейлоонун жакшыртууга мүмкүндүк берди.

Жыйналган гидрометеорологиялык маалыматтар гидрологиянын өнүгүшүнө көмөк болду. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын (1943), андан кийин Кыргыз ССР ИАнын (1954) уюштурулушу Кыргызстандын гидрологиясы б-ча илимий изилдөөлөрдү пландуу баштоого мүмкүндүк түздү. Бул изилдөөлөр негизинен М. Н. Большаковдун жетекчилиги астында Энергетика ж-а суу чарба ин-тунда (1953—63), андан кийин Кыргызстан суу чарба илим изилдөө ин-тунда (1963—73), Фрунзе ш-ндагы Бүткүл союздук мелиорация системаларын комплекстүү автоматташтыруу илим изилдөө ин-тунда (1973-жылдан СССР мелиорация ж-а суу чарба министерствосунун) жүргүзүлгөн. М. Н. Большаков иштеп чыккан суу агымынын модулунун зоналуулук методунун негизинде Кыргызстандын аймагында орточо суу агымынын таралышы, реси-каның агын суу ресурстары, куралышы ар түрдүү болгон дарыялардын агымынын көп жылдык өзгөрүү закон ченеми ж-а кардан, мөңгүкардан куралган дарыялардын жылдык агымынын өзгөрүшү аныкталды. М. Н. Большаковдун ж-а анда иштеген илимий кызматкерлердин кийинки эмгектеринде тоо гидрологиясындагы бийиктик алкактуулук теориясы, тоо суусунун агымын мүнөздөөдөгү эсептөө методдору андан ары улантылды. В. И. Михайлованын эмгектеринде суу агымынын түрдүү шартта пайда болушун ж-а суу чогултчу аймактагы суу балансы изилденди. В. А. Позмогов суунун орточо агымы ж-а буулануусу б-ча изилдөөлөрдү улантты. Суу агымынын көп жылдык өзгөрүү маселелерине Е. В. Петряшованын ж-а И. В. Хамьянованын, дарыя агымынын жыл ичинде таралуу өзгочолуктурун изилдөөлөрго И. П. Дружининдин, В. Г. Шпактын, Н. С. Смородскаянын эмгектери арналган. Дарыялардын ташкындаш ж-а таралышы В. В. Сумарокова м-н Т. М. Богачинов тарабынан изилденген. 70-жылдарда тоо сууларынын агымын кыска мөөнөткө (В. И. Михайлова, Е. В. Потряшова) ж-а узак убакытка (Д. М. Маматканов) прогноздоо ыкмалары иштеп чыгуу б-ча изилдөөлөр кулач жайган. Ушул эле мекемелерде мелиорация гидрологиясы, сугат жерлердин суу балансы (М. И. Капланский), тоо сууларынын гидроморфометриялык мүнөздөмөсү, нук процесстери (К. Ф. Артамонов, В. Ф. Талмаза, А. Н. Крошкин), гидрохимия б-ча (В. К. Кадыров, К. Казиев, А. С. Карманчук) көп жылдык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Тоо суусунун гидрологиясы б-ча Кыргыз ССР ИАнын География бөлүмүндө ж-а Тянь-Шань физикалык география станциясында да айрым иштер аткарылды. Мында суу агымынын бийиктик алкактуулук б-ча пайда болуу

(М. И. Иверонова, И. Д. Цыгельная, Н. Г. Голубев, А. Н. Диких), суу шилендилери (А. Ш. Жумаев) ж-а суу чогултчу тоолуу аймактардагы суу балансы (М. А. Музакеев, И. Д. Цыгельная) изилденди. Тоо сууларынын агымын прогноздоо б-ча изилдөөлөрдү (С. К. Аламанов) СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамл. университети жүргүзгөн. Гидрологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын жыйынтыктоодо Чоң-Кызыл-Суу (Тескей Ала-Тоо) ж-а Ала-Арча (Кыргыз Ала-Тоосу) сууларынын алаптарында жүргүзүлгөн эксперименттердин ролу чоң болгон; мында комплекстүү гидрометеорологиялык байкоолор ж-а табигый тажрыйбалар уюштурулган. Лимнология жагынан айрым тоо көлдөрүнүн морфометриялык мүнөздөмөлөрү (В. М. Букин, Н. Н. Жуков, Я. С. Стависский, Г. В. Кодяев), Тянь-Шандын эң чоң көлдөрүнүн, анын ичинен Ысык-Көлдүн гидрологиясы ж-а суу балансы изилденди (З. Н. Викулина, А. В. Шпитников, М. Н. Хейфец, Д. Я. Раткевич ж. б.). Реси-каның гидрологиясы б-ча ири жалпылоочу эмгектер М. Н. Большаков м-н А. Т. Ильясовго таандык. Суу объектилери ж-догу негизги маалыматтар «СССРдеги агын суулардын ресурстары» (14-т., 1-чыг., 1969; 2-чыг., 1973) деген сериядa, о. эле «Ысык-Көл көлү» (1978) деген жыйнакта камтылган.

Топурак географиясы. Кыргызстандын топурак кыртышын изилдөө 20-к-дын башында башталып (Н. А. Лебедев, С. С. Неуструев, Л. И. Прасолов ж. б.), 20—30 жылдарда улантылган (Р. И. Аболин, К. М. Кавдиенко, А. Н. Розанов, Ф. А. Попов ж. б.), анда топурактын негизги типтери, алардын географиялык таралышы аныкталган. Реси-каның а. ч-сын өнүктүрүүнүн улам өсүп жаткан милдеттерине карата топурак-географиялык изилдөөлөр согуштан кийинки мезгилде, айрыкча СССР ИАнын Кыргыз филиалынын топурак таануу сектору уюшулгандан (1948) баштап күчөгөн. Бул сектор кийинчерээк Топурак таануу илим изилдөө институна айланган. А. Мамытовдун жетекчилигинде бул коллектив Кыргызстандын жер кыртышын, анын географиялык таралышын, бийиктик алкактуулугун, провинцияларга бөлүнүшүн ж-а топурактын пайда болуу өзгочолуктурун ар тараптан изилдеди. Топурак классификацияланып, Кыргызстандын топурак ресурстарынын ар түрдүүлүгүн көрсөткөн реси-каның, анын айрым райондору м-н чарбаларынын орто ж-а ири масштабдуу топурак карталары түзүлдү. Реси-каның аймагы топурак-географиясы б-ча райондоштурулду (А. Мамытов, Г. И. Ройченко). Суу жеп кеткен (Д. Я. Михайлов, А. Жунушбаев, М. Кадыркулов ж. б.), шор ж-а шортоң топурактарды (Н. К. Баженов, Н. И. Коваленко ж. б.) мелиорациялоо, алардын асылдуулугун жогорулатуу б-ча (Н. В. Опеленедер, Э. Г. Вухрер ж. б.) теориялык негиздер ж-а практикалык чаралар иштелип чыгууда. Эсептен-баалоочу (топуракты бонитировкалоо ж-а агроөндүрүштүк түркүмдөрго бөлүү, жерге сиюп баа берүү) жумуштар жүзөгө ашырылууда (А. Мамытов, Ш. Ашырахманов, Т. М. Турдукулов ж. б.). Бул чаралар а. ч. өндүрүшүн илимий уюштуруу үчүн өтө варыл. Баалуу комплекстүү изилдөөлөр талыш пункттарда, айрыкча деңиз деңгээлинен 3400 м бийиктиктеги Ак-Сай топурак стационарында (А. Мамытов, А. Г. Сухачёв ж. б.) жүргүзүлдү; бул материалдардын негизинде бийик тоолуу чөл-талаа ж-а талаа топурактарын пайдалануунун ж-а өздөштүрүүнүн илимий негиздери иштелип чыкты. Ушул эле жылдарда М. А. Глазовская тарабынан тоо тектердин үйөлөнүшү, бийик тоолордо, Ички Тянь-Шандын сырттарында топурактын пайда болуу процесстери изилденди. Топурак кыртышынын азыркы кездеги изилденишин, топурак таануу илимининн Кыргызстандагы пйгиликтери А. Н. Розанов, Г. И. Ройченко, А. Мамытовдун ж-а В. Я. Бондареванын эмгектеринде, «Кыргызстандын топурактарынын системалуу тизмеси» (1956), «Кыргыз ССРинин топурагынын картасы» (1960), «Кыргыз ССРинин топурактары» (1974) ж. б. коллективдүү эмгектерде көрсөтүлгөн.

Биогеография. Кыргызстандын флорасын ж-а өсүмдүктөрүн 19-к-дын 2-жарымында орус окумуштуулары изилдей баштаган; ал Совет бийлигинин тушунда, айрыкча а. ч-сынын өсүп жаткан мүктаждыгына байланыштуу андан ары өнүктүрүлгөн. Кыргызстандын ботаника-географиялык проблемалары И. В. Выходцев (1893—1971) тарабынан алда канча толук иштелип чыккан. Ал бул багытта 40 жылдан ашуун үзүрлүү иштеп, өлкөнүн өсүмдүктөрү м-н флорасынын пайда болуу ж-а алмашуу тарыхын изилдеген, Тянь-Шань — Алай флорасынын ар түрдүүлүгүн ж-а оригиналдуулугун көрсөткөн. Бул өзгөчөлүк плейстоцен-голоценде түзүлгөн флорогенезге, о. эле ушул мезгилге чейин калыптануу процесси улантылган, геологиялык жактан кийинчерээк пайда болгон фитоценогенезге байланыштуу. Географиялык, экологиялык ж. б. өзгөчөлүктөргө өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгү (16 тиби), аймак б-ча таралышынын татаалдыгы (биринчи тартиптеги 14 геоботаникалык район, экинчи тартиптеги 45 район) ж-а бийиктик структурасы (8 бийиктик алкагы ж-а бийиктик алкактуулуктун 7 тиби) түздөн түз байланышта. Тянь-Шань-Алай тоолорунун өсүмдүктөрү ботаника-географиялык жактан өз алдынча областчаны түзүп, 2 тоолуу провинцияга — Тянь-Шанга ж-а Алайга бөлүнөт; бул областчалар ботаникалык-географиясы ж-а геоботаникасы б-ча экиге — табияты жалпысынан бореал мүнөздүү болгон түп. ж-а ландшафттарында субтропик белгилери бар түш. болүктөргө ажырайт.

Региондук мүнөздөгү бир кыйла иштер аткарылды. Кыргыз Ала-Тоосунун (Е. В. Никитина), Талас Ала-Тоосунун (А. А. Бажецкая, А. Молдояров), Ысык-Көл кылаасынын (Л. И. Соболев), Борб. ж-а Ички Тянь-Шандын (А. Г. Головкова) ж-а аның айрым райондорунун (М. М. Советкина, И. Г. Корпева, З. Арбаева, Л. И. Попова, М. М. Ботбаева, Н. Д. Кожевникова, Н. В. Трулевич ж. б.) флорасы ж-а өсүмдүктөрү, Түш. Кыргызстандын токою (Е. М. Лавренко, С. Я. Соколов, Д. И. Прутенский, Ю. И. Никитинский, К. Д. Мухамедшин ж. б.) изилденди. 60-жылдарда Тянь-Шань физикалык-география станциясы тарабынан Тескей Ала-Тоонун токой-талбаалуу талаа алкагындагы өсүмдүктөргө жүргүзгөн экосистемалык изилдөөлөр токой биоценоздорунун экологиялык, биологиялык өзгөчөлүктөрүн, жер бетиндеги экосистемалардын биотикалык, абиотикалык компоненттерин ж-а алардын өз ара байланыштарын изилдөөгө багытталган (Н. Д. Кожевникова ж. б.). Флоралык жыйноолор, өсүмдүктөрдү инвентаризациялоо, жайытттарды, чабындыларды изилдөө түрдүү масштабдагы ж-а багыттагы региондук тоют-ботаникалык карталарды, аның ичинен Кыргызстандын өсүмдүктөрүнүн орто масштабдагы карталарын түзүү үчүн материалдарды берген съёмкага түшүрүү жумуштары м-н кошо жүргүзүлгөн (Н. В. Выходцев, А. Г. Головкова, Л. И. Попова, М. Д. Петрова).

19-к-дын 60-жылдарында Н. А. Северцов тарабынан башталган Кыргызстандын зоогеографиялык изилдөөлөрү сов. мезгилде ийгиликтүү улантылды. 1920—40-жылдар жаныбарлар ж-дө маалыматтарды жыйноонун, системага салуунун ж-а баалап жазуунун, о. эле айрым региондордун экология-фаунасын изилдөө мезгили болду. 1950—70-жылдарда топтолгон маалыматтар жыйынтыкталып, өлкөнүн зоогеографиясынын теориялык маселелери — жаныбарлар дүйнөсүнүн түзүлүшү, пайда болуу тарыхы ж-а аның классификацияланышы, жаныбарлардын айрым экологиялык топторун толук изилдөөлөр, жыйынтыкталган эмгектер ж. б. чаралар (В. Н. Шнитников, Б. А. Кузнецов, Ф. А. Турдаков, К. И. Янушевич ж. б.) иштелип чыкты. Жаныбарлар дүйнөсүнүн географиясына, өлкөнүн орографиялык, климаттык ж. б. табигый өзгөчөлүктөрүнө жараша аймак ж-а бийиктик б-ча таралышына айрыкча көңүл бурулду. Кургактыктагы жаныбарлардын бийиктик алкактуулук структурасы, жаныбарлардын айрым топторунун экологиясы б-ча ландшафттардын типтери м-н аның байланышы В. Н. Шнитников, Д. Н. Кашкаров, А. Токтосунов, А. И. Янушевич, Р. П. Зимина ж. б. тарабынан иштелип чыкты. Кыргызстандын аймагын зоогеографиялык райондоштуруу б-ча жумуштар аткарылды. Алар Н. А. Северцов, М. А. Мензбир тарабынан мурда белгиленген фауна комплекстеринин участкаларын ыраасташтыруу ж-а такташтырды. Жаныбарлардын айрым топторунун — сүт эмүүчүлөрдүн (Б. А. Кузнецов, Д. П. Дементьев), кемирүүчүлөрдүн (А. Токтосунов), сойлоочулардын (И. Д. Яковлева) ж-а ихтиофаунанын (Ф. А. Турдаков) ар кайсы жерге жайгашуусу фауналык болүнүүнүн негизин түзгөн. А. И. Янушевич географиялык зоналуулукту, бийиктик алкактуулукту ж-а ландшафттык-географиялык алкактуулукту эске алуу м-н Кыргызстандын табигый географиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде зоогеографиялык райондоштуруунун жүргүзгөн.

Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык-география станциясынын 60-жылдарда башталган биогеоценологиялык изилдөөлөрүндө жер бетиндеги биостук системалар, Тескей Ала-Тоонун орто бийик ж-а бийик тоолуу зоналарындагы ландшафттардын биостук ж-а абиостук компоненттери иликтенген. П. П. Второв тарабынан жер бетиндеги экосистемаларды ж-а алардын жаныбарлар компоненттерин комплекстүү изилдөө проблемалары, экосистемалардын структурасын, алардагы процесстерди сандык изилдөө маселелери каралып, жаныбарлардын айрым топторунун саны, көптүгүн аныктоо ыкмасы иштелип чыгып, алардын энергия агымындагы ролуна сан жагынан баа берилген. П. П. Второв, Б. Ф. Мартынова тарабынан ар түрдүү экологиялык шарттарда коллемболдордун составынын ж-а санынын өзгөрүлүшү көрсөтүлүп, биостук топтордун мейкиндик-убактылуу динамикасынын моделдери түзүлдү.

Физикалык география. Мурда артта калган крайды соц. кайра түзүүнүн, респ-канын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн татаал милдеттери илимий ж-а өндүрүштүк проблемаларды иштеп чыгууга тармактык гана эмес, комплекстүү мамиле жасоону талап кылган. Совет бийлигинин тушунда тармактык физика-географиялык изилдөөлөр м-н бирге комплекстүү иштер жүргүзүлүп, кубулуштардын өз ара байланыштары, жаратылыш комплекстери, алардын структурасы, динамикасы, ландшафттардын бийиктик ж-а мейкиндик б-ча дифференциацияланышынын закон ченеми, алардын генезиси ж-а өнүгүү тарыхы изилденүүдө. Физикалык географиянын изилдөө ыкмасы өркүндөтүлүп, стационар-эксперименттик, жарым стационардык байкоолор жүргүзүлүүдө. СССР ИАнын Ысык-Көл (1928, 1930, 1932), Кыргызстан комплекстүү (1932—33), Түш. Кыргызстан (1944—45) экспедициялары, айрыкча СССР ИАнын География ин-тунун Түш. Кыргызстан экспедициясы (1945—53) респ-када комплекстүү физикалык географиялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө көмөк көрсөттү. Г. А. Авсюктун жетекчилигинде География ин-ту тарабынан 1948-ж. Тескей Ала-Тоодо Тянь-Шань физикалык география станциясы уюшулуп, 1953-ж. ал Кыргыз ССР ИАнын составына кирген. Станция отуз жылдан ашуун убакыттан бери физикалык география процесстерин, табигый чойрөнүн компоненттеринин ортосундагы татаал байланыштарды, бул байланыштардын сандык, сапаттык мамилелештиктерин, айрым табигый кубулуштардын структурасы м-н динамикасын ж. б. (стационардык ж-а экспедициялык) изилдөөдө (Г. А. Авсюк, Л. Г. Бондарев, П. П. Второв, И. П. Герасимов, М. А. Глазовская, Г. Н. Голубев, А. Н. Диких, Р. Ж. Забиров, М. И. Иверонова, Н. Д. Кожевникова, В. Н. Коротаев, И. Д. Цыгельная ж. б.). 50-жылдардын ортосунан баштап КМУнун физикалык география кафедрасы, Кыргыз ССР ИАнын География болүмү, Тянь-Шань физикалык география станциясы регион б-ча ландшафттык изилдөөлөрдү жүргүзүп, Ички Тянь-Шандын райондорун (Э. К. Азыкова, С. Байгуттиев, В. М. Чупахин), Чаткалдын (М. Кадыркулов), Арпа м-н Ак-Сайдын (Б. Орозгожоев), Сохтун (К. Матикеев), Кызыл-Суунун

(О. Д. Сахарова), Жазынын (Д. Шакирбеков ж. б.), Ысык-Көлдүн алаптарын (Э. К. Азыкова, В. А. Благообразов), Кыргыз Ала-Тоосун (Т. Н. Кулматов) ж. б. жерлерди камтыган ири ж-а орто масштабдуу съёмка жүргүзүлүүдө. Алар тарабынан ландшафттардын структурасы, динамикасы, бийиктик ж-а мейкиндик б-ча дифференциациясынын өзгөчөлүктөрү изилденген, ар түрдүү масштабдагы, багыттагы ландшафттык карталар түзүлдү, жаратылыш комплекстерин классификациялоо ж-а респ-канын аймагын физикалык география жактан райондоштуруу жумуштары жүргүзүлдү. Кыргызстандын аймагын ландшафттык картага түшүрүүнү баштоочулар — Н. А. Гвоздецкий м-н М. А. Глазовская бул проблемаларды иштеп чыгууга баалуу салым кошушту. Кыргызстандын физика-географиялык райондоштуруусунун алгачкы схемаларын Б. А. Лунин түзгөн. Тянь-Шанды ландшафттык картага түшүрүүнүн ж-а физика-географиялык райондоштуруунун негизги маселелерин В. М. Чупахин карап чыккан. Табигый ресурстарды эсепке алуу, баалоо, табигый комплекстердин сыймыктуулугун, мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо б-ча атайын баалоочу колдонмо жумуштар өөрчүтүлүп, табигый чойрөгө антропогендик процесстердин, аның ичинен ири гидротехникалык комплекстердин тийгизген таасири изилденүүдө, жаратылышты рационалдуу пайдалануу ж-а айлана-чөйрөнү коргоо максатында аймакты ландшафттык жактан кландаштыруу маселелери иштелип чыууда.

Тарыхый-географиялык проблема изилдөөлөрдө маанилүү орунду ээлейт. И. В. Мушкетов, П. П. Семёнов-Тян-Шанский, В. И. Липский ж. б. окумуштуулар О. Азияның, аның ичинен Кыргызстандын географиялык изилдөө тарыхын иликтешкен. Совет мезгилинде географиялык илимдердин ж-а физикалык географиялык өйдүн өнүгүшү ж-дө Л. С. Берг, Э. М. Мурзаев, Н. А. Гвоздецкий, А. А. Аватьян, Х. Хасанов ж. б. жазышкан. Бул проблемаларды иштеп чыгууга Б. А. Лунин, С. Өмүрзаков ж. б-лардын эмгектери арналды. Топонимикалык изилдөөлөр географтар (Э. М. Мурзаев, Б. А. Лунин, С. Өмүрзаков), о. эле лингвисттер тарабынан (Б. Орузбаева, Д. Исаев, К. Конкобаев ж. б.) жүргүзүлүүдө. Алар топонимиканын келип чыгышын, түзүлүшүн, өнүгүшүн ж. б. аспектилерин изилдешти. Ушундай мүмөздөгү иштер Кыргыз ССР ИАнын География болүмү тарабынан жүргүзүлүүдө. Алынган маалыматтарды анализдөө Кыргызстандын физикалык географиясы ж-а аның айрым региондору б-ча бир катар жалпылоочу эмгектерди (Нарын дарыясынын алабы, 1960; Кыргызстандын жаратылышы, 1962; Б. Орозгожоев, О. Д. Сахарова, В. М. Чупахиндин ж. б. эмгектери) түзүүгө мүмкүндүк берди. Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык география станциясы ж-а География болүмү, КМУнун география факультети — респ-када физикалык география б-ча изилдөө жүргүзүүчү негизги мекемелер. Респ-када физикалык география илиминин өнүгүшүнүн 1947-ж. негизделген Кыргыз ССРинин География коомунун мааниси чоң. Кыргыз ССРинин География коомунун 1-, 2- ж-а 3-съезддеринде (1970, 1975, 1980), о. эле Бүткүл союздук ж-а региондук бир катар конф-яларда, көчпөмелерде география илимдерин өнүктүрүүнүн актуалдуу проблемалары каралды. Респ-канын географтары — эл аралык көп форумдардын, Эл аралык географиялык 23-конгрессинин (Москва, 1976) катышуучусу. Физикалык география илимдеринин материалдары «Кыргызстан географиялык коомунун кабарларында», «Кыргызстан мамлекеттик университетинин География факультетинин эмгектеринде», Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык география станциясынын, География болүмүнүн ж. б. эмгектеринде жарыяланып турат.

С. Өмүрзаков

Химия илимдери. Химия илимдери 1943-жылдан СССР ИАнын Кыргыз филиалына караштуу Химия институту түзүлгөндөн кийин бир кыйла өнүгө баштайт. Жаратылыш туздары, чопо, көмүр, сойрек ж-а түстүү металлдар, курулуш материалдары ж. б-дын физика-химиялык мүнөздөмөлөрү изилденет. 1954-ж. Кыргыз ССР ИА түзүлгөндөн кийин, изилдөөлөр ири масштабда жүргүзүлгөн. 1960-ж. Химия ин-тунун негизинде Органикалык эмес ж-а физикалык химия, Органикалык химия ин-ттары уюшулган. Бул ин-ттар респ-канын башка ил. из. мекемелеринде (КМУ, Фрунзе политехника ин-ту, Кыргызстан айыл чарба ин-ту, Ош мамл. пед. ин-ту ж. б.) жүргүзүлгөн химия ж-а химиялык технология б-ча бардык изилдөөлөрдү координациялайт. Респ-канын химия илими б-ча илимий кадрларды даярдоодо СССР ИАнын академиктери А. Н. Несмеянов, В. И. Тапнаев, В. И. Спицын, Н. М. Жаворонков, Я. М. Колотыркин, УССР ИАнын академиги Ф. Д. Овчаренко, Казак ССР ИАнын академиги М. И. Усанович, профессорлор П. Н. Лепешков, Н. П. Лужная, Н. А. Шишаков ж. б-лар чоң жардам көрсөтүшкөн.

Органикалык эмес химия. Илимдин бул тармагы б-ча изилдөөлөр Органикалык эмес ж-а физикалык химия ин-туна топтоштурулган. Алар координациялык бирикмелердин химиясы, физика-химиялык анализ, түстүү ж-а сейрек металлдар, силикаттар ж. б-лардын технологиясы б-ча фундаменттик ж-а колдонмо маселелерди чечүүгө багытталган. Респ-када химиктердин озуйчө мектебин, илимий багытты түзүүдө Кыргыз ССР ИАнын академиги И. Г. Дружининдин илимий ж-а уюштуруу иштери чоң мааниге ээ. Ин-тта канык кан суу эритмелердө кислота-негиздик өз ара аракеттенүүдөн комплекстүү бирикмелердин пайда болуу теориясы иштелип чыууда (Б. Иманакунов). Айрым аминдер ж-а амиддер м-н органикалык эмес туздардын өз ара аракеттенүүлөрү, о. эле металлдардын поңдоруна лигандалардын координациясынын жаратылышы изилденген. Комплекс пайда болуу процессинде лигандалардын өз ара таасири тактальш, канык кан суу эритмелеринде борб. катиондун айланасындагы координациялык орундарды ээлөө үчүн системада катышуучу бардык негиздердин (аминдер, суу, анпондор) ортосунда конкуренция жүрөрү табылган. Суу м-н аминдин ортосундагы кайчылаш ассоциацияның ролу аныкталган. Аминдер, амиддер м-н микроэлементтердин биол. активдүү бирикмелери синтезделип, техникалык өсүмдүктөрдүн өсүшүнө стимулятор катары колдоно баштаган.

Карбамид бирикмелеринин жаңы класстарын алуунун теориялык негиздери иштелип чыккан (К. Сулайманкулов). Синтезделген бир катар комплекстер үчүн химиялык байланыштын структуралары ж-а жаратылышы аныкталган. Металл-мочевина комплекстеринин классификациясы биринчи түзүлгөн. Карбамид бирикмелеринин ичинен клатраттар классына таандык комплекстер байкалган. Сейрек жер элементтерин болуп алуу ж-а ажыратуу процесстерин интенсификациялоо үчүн карбамид эритпндилерин пайдалануу мүмкүнчүлүгү негизделген. Карбамид комплекстеринин монокристаллдары өстүрүлүп, алардын электрдик ж-а оптикалык касиеттери изилденген. Ар түрдүү лиганддары бар координациялык бирикмелердин туруктуулук теориясы иштелүүдө (Я. Д. Фридман). Эритмелерде комплекстердин пайда болуусунун термодинамикалык шарттары изилденген. Ар түрдүү лиганддары бар координациялык бирикмелердин туруктуулук теориясынын негизги жоболорунун сандык трактовкалары берилген. Реагенттердин кычкылдануу димеризациясынын потенциалдарынын негизинде лиганддардын классификациясы иштелип чыккан ж-а комплекстердин туруктуулук константасынын өзгөл потенциалдарга сандык көз карандылыгы аныкталган.

Фазалык тең салмактуулук тармагында галогенпиддерден, фосфаттардан, карбонаттардан, нитраттардан, металлдардын аминокислоталар, пиперазин ж-а пиридин м-н болгон анетаттарынан турган суу-туз системалары изилденген (М. Кыдыров). Жаңы көп бирикмелердин пайда болуу мүнөзүнө, өзгөрүлмө составдын фазалары-

на, кристаллдануу шартына металлдардын табиятынын таасири ж-а эритмеден затты болуучу аракеттин себептери аныкталган. Гидролиз реакцияларына ж-а дисперстик системалардын физика-химиялык механикасына негизделген натрийлүү чопонун суу дисперсияларынын пептизациясы ж-до гипотеза сунуш кылынган (К. Шатемиров). Карана буюмдарында сульфат кеберлеринин пайда болуу механизми аныкталган. Коллоиддердин топ составын ж-а карбопат-чополуу минералдарда натрийдин, калийдин алмашуучу иондорун аныктоонун жаңы методдору иштелип чыккан ж-а практикага киргизилген. Эритмеден затты болуу процесстеринин химиялык теориясынын (туздар аркылуу электролит эместерди болүү) негизинде кондицияга жетпеген металлы аз полиметалл минерал сырьёсун комплекстүү кайра иштетүү үчүн камдалган руда пульпаларынан түздон түз сейрек элементтерди экстракциялык жол м-н болуп алуу жолу табылган (С. В. Блешинский). Полиметалл сырьёлорун кайра иштетүүнүн натыйжалуу жаңы процесстери сунуш кылынып, практикада колдонулууда. Магнит эмес рудаларын магнит м-н ылгоо ыкмасы ж-а аларды ажыратуу методдору иштелип чыккан.

Суюк диэлектриктердин компоненттери м-н томонку чыналуу разряддарда пайда болуучу металлдардын активдүү формасынын оз ара аракеттери изилденген. Учкун разрядынын шарттарында конденсацияланган системаларда багытталган химиялык синтез жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү негизги закон ченемдер түшүндүрүлүп, процесстерди башкаруунун принциптери сунуш кылынган (У. Асанов). Жогорку дисперсиялуу карбиддерди, көмүртек-карбид композицияларын, карбиддердин, кычкылдардын катуу эритиндилерин алуунун жаңы методдору иштелип чыккан (У. Асанов, И. Е. Сакавов, Б. Я. Петрепко). Химиялык синтез максаты үчүн колдонулуучу электр-учкун куралдары түзүлгөн. Ион алмашуу методун колдонуу м-н өтө таза сурьманы (СУ-экстра, СУ-000 ж. б.) ж-а анын бирикмелерин алуунун жалпы технологиясы түзүлгөн ж-а өндүрүшкө киргизилген (М. Усубакунов). Сурьманы электролиттик тазалоо ж-а кычкылданган сульфиддик сурьма рудаларын иштетүүнүн жаңы технологиясы сунуш кылынган (А. Г. Батюк). Глауберитгин пайда болуу шарттары айкындалып, аны иштетүүнүн оптималдуу шарттары аныкталган (М. Кыдынов). Кыргызстандын жаратылыш туздарын коомдук малга минералдык кошумча тоют катары пайдалануу б-ча сунуштар киргизилген (И. Е. Батырчаев). Натрий сульфатын ж-а хлоридин алуу максатында тенардиттүү ж-а галиттүү тоо тектеги тазалоонун электр статикалык методу иштелип чыккан (К. Ногоев).

Конденсацияланган жегичтүү фосфаттан ж-а коп валенттүү металлдардын катионунан пайда болгон суулуу системалардан экинчилик процесстердин негизинде жүргөн болүнүү кубулуш закон ченеми аныкталган. Ушунун негизинде органикалык эмес ион алмаштыргыч, ысыктыкка чыдамдуу материалдар, эмаль ж-а люминофорлор катары сунуш кылынган бир катар жаңы бирикмелер синтезделген (А. К. Мустаев). Кыргызстандын минералдуу булактары м-н табигый сууларына физика-химиялык мүнөздөмө берилип, гидрохимиялык карталары түзүлгөн (В. Кадыров). «Жалал-Абад», «Ак-Суу», «Кара-Шоро», «Араван» ж. б. минералдуу суулары өн. ж-лык масштабда чыгаруу өздөштүрүлгөн.

М. Кыдынов, У. Асанов

Органикалык химия. Илимдин бул тармагы б-ча изилдөөлөр КПСС БКнын Май (1958) пленумунан кийин кеңири өнүккөн ж-а алар 1960-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Органикалык химия ин-туна топтолгон. Изилдөөлөр полисахариддердин (целлюлозалар ж-а полигалактуониддер же пектин заттары) түзүлүш ж-а химиялык айлануу теориясы, углеводдор ж-а углеводороддордун [полисахариддерди (целлюлозаны) да кошо] реакцияларга кириишин ж-а реакциялардын каталитикалык таасирин үйрөнүү проблемалары, табигый ж-а синтездик физиологиялык активдүү заттарды алуу технологиясы, респ-канын табигый органикалык ресурстарын рационалдуу пайдалануу б-ча теориялык ж-а практикалык негиздерин иштеп чыгууга багытталган. Илимий кадрларды даярдоодо олконун корүнүктүү илимпоздору В. А. Каргин, М. М. Шемякин, Ю. А. Овчинников, Н. Т. Эмануэль, Н. К. Кочетков, Н. А. Преображенский, И. В. Торгов, А. С. Хохлов, С. С. Новиков, Г. И. Самохвалов, З. А. Роговин, Е. Д. Каверзнева, Н. Н. Шорыгина, А. В. Камерницкий ж. б. зор жардам көрсөтүшкөн. Химик-органиктердин мектебин түзүүдө ж-а целлюлоза ж. б. углеводдордун химиясы б-ча изилдөөлөрдү өнүктүрүүдө Кыргыз ССР ИАнын акад. В. И. Иванovдун илимий-уюштуруучулук ишаракеттери маанилүү роль ойногон. Целлюлозанын химиясы ж-а физикалык-химиясы тармагында В. И. Иванов ж-а анын кызматташтары полимер чынжырындагы пираноз циклинин касиеттерин, таутомериясын, целлюлозанын реакцияга кире турганы чойрого, молекула-массалык салмактын жайгашуусуна ж-а молекулалык (М) бир түрдүүлүккө көз карандылыгын изилдеген. Целлюлоза молекуласынын пираноз циклинин жаңы касиеттери, реакция чойросунун жаратылышына карай көмүртек жанындагы гидроксиль тобунун, суутек атомдорунун реакцияга кире турганы аныкталган. Бул маалыматтарды пайдалануу баалуу продуктуларды: медикаменттик каражаттар, катион алмашкычтар, селективдүү сербеттер, эфирлер ж. б. алууга мүмкүндүк берди (З. Шаршеналиева). Молекулалык бир тектүү целлюлоза алуу ыкмасы, жогорку сапаттуу кинофотоплёнкаларды, жасалма булаларды чыгаруунун практикалык супуштары иштелип чыккан. Целлюлозанын жылуулукка туруктуулугун жогорулатуунун илимий негиздери иштелип чыгып, жогорку кубаттуулуктагы (1200 *Мвт*) турбогенераторлорду чыгарууда пайдаланылуучу жылуулукка туруктуу электр өткөрбөөчү кагаздардын даярдоонун жаңы ыкмалары өн. ж-га жайылтылган (Г. М. Корнева). Целлюлоза ж-а анын эфирлеринин эритмелеринин реологиялык касиеттерин изилдөөнүн натыйжасында эритмелердин ылаажектик касиетине молекула-массалык жайгашуунун таасири аныкталган. Бул изилдөөнүн негизинде целлюлоза материалдарынын молекулалык бир тектүүлүгүн баалоонун экспресс-методу иштелип чыккан ж-а бул методду коп топпалуу өндүрүш шартында колдонуу б-ча практикалык сунуштар берилген (Л. А. Юдахина). Целлюлоза ж-а анын айрым эфирлеринин Льюис кислоталары м-н болгон катализ маселелери изилденген. Коп козонокчолуу көкүмчө целлюлозасын, азот ж-а карбон кислоталарынын ацил бирикмелерин ж-а аралаш эфирлерин алуунун патыйжалуу методдору ж-а молекулалык бир тектүүлүктү жогорулатуунун ыкмасы, чыныжырда «чоочун» блоктуу модификацияланган целлюлозаларды алуунун жаңы жолдору иштелип чыккан (Р. И. Сарыбаева).

Пектин заттарынын (полигалактуониддердин) химиясы, физикалык-химиясы ж-а технологиясы тармагында кычкыл полисахариддердин эритмелеринин жарыкты чачыратуусунун ургаалдуулугу, карбоксиль тобунун этерификациясынын даражасына байланыштуулук закон ченеми аныкталган, протопектиндеги целлюлоза ж-а белок болүкчөлөрү м-н пектиндердин химиялык байланышы экспериментте далилденген, кант кызылчасындагы протопектин ж-а пектин заттарынын углеводдук составы аныкталган, кант кызылчасынын чобогосүнөн (жом) табигыйга жакын килкилдек пектиндерди, нейтралдуу ж-а кычкыл углеводторду, кан плазмасын алмаштыргычтарды; эрүүчү ж-а эрибес пониттерди, комплексондорду, составында азот, кычкылтек, күкүрт, металл кармаган кошундуларды алуунун бир катар оригиналдуу методдору, ө. ж. продуктуларында пектин заттарынын сан өлчөмүн аныктоонун тез, түздөн түз ж-а экспресс-методдору иштелип чыккан. Булар респканын кант заводдорунда кеңири жайылтылып, кызылча-кант ондурүшүндө колдонуу сунуш кылынган (Г. Б. Аймухамедова ж. б.). Кислота-негиздик, металлкомплекстик ж-а нуклеофиддик катализ шарттарында гликозиддөө процесстерин оптималдоонун теориялык негиздери ж-а кант карбомиддерин, гликозинпиразолондорду ж. б. глюкозиддерди синтездоонун патыйжалуу методдору (Шостка химреактив з-дунда колдонулууда) иштелип чыккан (В. А. Афанасьев). Алынган препараттарга жүргүзүлгөн сыноолордо алар шишикке каршы ж-а фунгициддик жогорку активдүүлүктү көрсөттү.

Углеводдордун түрдүү класстарынын металлоцилатык комплекстердин катышуусунда молекулалык кычкылтек м-н кычкылдануу механизми изилденген, бензолкарбон кислоталарын алуу, формальдегидден альдегид ж-а кетоспирттерди, синтездик углеводторду синтездөө үчүн гомогендүү ж-а гетерогендүү жогорку натыйжалуу катализдик системалар иштелип чыккан; 3-оксиметилбутанон-2 ж-а 2-оксиметилциклогексанонду алуу ыкмалары өндүрүшкө киргизилген, айрым альдегид ж-а кетоспирттерди алуу ыкмалары АКШ, Япония, ГФР, Улуу Британия ж-а Францияда патенттелген (О. Е. Леваневский). Стероиддердин химиясы б-ча изилдөөлөр жапайы ж-а колго остурүлүүчү составында стероид бар перспективалуу сырьё табуу, аны болуп алуу технологиясын иштеп чыгуу, биоактивдүү фармпрепараттарды алуу максатында алардын түзүлүштөрүн ж-а химиялык модификацияларын (трансформацияларын) аныктоо багытында жүргүзүлүүдө (К. Конюев). Өнөр жайлык перспективалуу сырьё — томаттын уругу табылып, андан стероиддик сапогенинди, неотигогенинди алуу ыкмасы ж-а аны биоактивдүү медпрепараттарга трансформациялоо жолдору иштелип чыккан.

Органикалык компоненттери — аминокислоталар бар гетерогендүү тең салмактуулук тармагында изилдөөлөр жакшы эрүүчү — соруп алуучу, гипотензивдик ж-а кан пайда кылуучу касиеттө ээ ультра-микроэлементтүү L-глутамин кислотасы ж-а мононатрий-глутамат кошундуларын синтездөөнүн теориялык негизин ж-а методдорун иштеп чыгууга алып келди. Динатриймонокобальт глутаминатты (ДНМКГ) алуу Москвадагы П. Л. Войков атн. з-ддо ишке ашырылган (З. Б. Бакасова). Эндометрит, кок-ичек талкачалары, туяк ичеги ж-а кишинин экземасына каршы патыйжалуу антигельминттик препараттар синтезделип (А. Акбаев), аларды алуу лицензиясы да П. Л. Войков атн. з-ддо уюштурулган. Бул препараттардын айрымдары м-н малдын бир топ ылацын дарылоо АКШ, Улуу Британия, Австралия, Жаңы Зеландия, Турция ж. б. өлкөлөрдө патенттелген.

Кыргызстандын көмүрүн изилдөө 60-жылдарда башталып, СССРдин көмүрлөрүнүн илимий генетикалык жалпы классификациясын ж-а ГОСТторун иштеп чыгууга, функциялык составын ж-а кычкылдануу м-н термокычкылдануудан өзгөрүүлөрүн изилдөөго арналган (Н. И. Назарова, Ш. Сарымсаков). Өзүнөн өзү күйүү м-н күрөшүү б-ча сунуштар (В. Г. Харитонов), органоминерал жер семирткичтерди, бургулоо үчүн эритмелерди (Н. И. Назарова), поликарбон кислоталарын (Ш. Сарымсаков), атап айтканда, жылуулукка туруктуу полимерлерди ж-а физиологиялык активдүү заттарды синтездөө үчүн сырьё — меллит кислотасын алуу методдору иштелип чыккан ж-а практикага киргизилген. Мурда мүнөздөмө берилө элек 500дөн ашык жаңы фосфорорганикалык бирикмелер синтезделген (К. Жүндубаев), алардын айрымдарынын касиеттери изилденип, физиологиялык активдүүлүгү аныкталган. Верминцид препараты малдын мониезноздору м-н аскаридозун дарылоодо пайдалануура сунуш кылынган (А. Алдашев).

Фармакология профилиндеги лабораторияларда физиологиялык активдүү заттарды изилдөө жүргүзүлүүдө, алардын уулуулугу, дарылоо касиеттери изилденип, дары-дармектик формалары иштелип чыгууда. Какырык чыгаруучу каражат — ликорин, камфацитол, алтакарин май дарылары иштелип чыккан. Кыргыз бальзамы — «Араван» өндүрүштө чыгарылууда, глутамин кислотасынын микроэлементтер м-н туундулары изилденүүдө (А. Алтымышев). Респ-канын флорасынын осүмдүктөрү составында алкалоиддер, салонидер ж-а флаваноиддердин болушу текшерилген, тармал чөп, патриния, ак тикен ж. б-дын химиялык ж-а дарылык касиеттери изилденген; медпрактикага тармал чөптүн ачытмасы жайылтылган, 15 бирикме алынып, анын 9у жацы. Кыргызстандын флорасынын осүмдүктөрүндө углеводдор көбүрөөк экендиги аныкталган, инулинди, Д-фруктозаны, Д- ж-а рацемат маннозаны, глюкоманнанды, момо ширесин, ал эми калдыктан (таштанды) бир топ жаңы заттар м-н продуктуларды алуунун ыкмалары иштелип чыгып, алар Шостка химреактив з-дунда колдонулган (В. И. Иванов, Н. В. Плеханова).

Глутамин кислотасын ж. б. аминокислоталарды, биостимуляторлорду түюк цикл б-ча даярдап чыгаруунун прогрессивдүү технологиялык схемаларынын илимий негиздери, регламенттери иштелип чыгып, о. ж-да сыноодон өткөн ж-а реализацияланган, анийим уругунан ж-а өсүмдүк сырьёсунан алынган заттардагы алкалоиддерди экстракциялоонун патыйжалуу ультра үн методу ж-а аппарат иштелип чыгып, үзгүлтүксүз аракеттеги экстрактор СССР медицина о. ж. министерствосуна берилген (Г. Б. Аймухамедова, Е. П. Рукавишникова ж. б.). Аталган аминокислоталардын өндүрүштүк калдыктарынан алынган биостимуляторлор ж-а тоют кошумчалары Кыргыз ССР а. ч. министерствосунун канаттуулар ж-а кой чарбаларында кеңири сыноодон өтүп, малдын ж-а канаттуулардын продуктуулугун жогорулатууда эң патыйжалуу экендиги аныкталган (Г. Б. Аймухамедова, Т. И. Стручалина). Кыргыз мамл. университетинин органикалык химия кафедрасында орун алмашкан фенилэтинил, нафтилэтинил, индолэтинил, антраценоэтинил кошундуларын, ацетилен катарларындагы N-, С-гликозиддерин алуу ыкмалары изилденип, кошундулардын өз алдынчалуулугу далилденген (С. Адылов ж. б.).

Г. Б. Аймухамедова

Микробиология. Кыргызстанда микробиологиялык изилдөөлөр советтик мезгилде гана жүргүзүлө баштаган. 30-жылдардын аягында Ош, Пржевальск ш-ларында, 1943-ж. Ат-Башы кыштагында чумага каршы болүмдөр уюштурулган. 1938-ж. Фрунзе ш-нда Респ-калык чумага каршы станция ачылган. Чумага каршы иш-чараларды жүргүзүүдө И. Г. Иоффе, М. П. Покровская ж. б. чоң роль ойногон. 1933-ж. Фрунзеде зооветеринария ин-ту ачылып, ал 1947-ж. айыл чарба ин-ту болуп өзгөртүлгөн. Ин-ттун алгачкы директору — микробиолог В. П. Тульчинская, азыр Украин ССР ИАнын корр.-мүчөсү. 1938-ж. мааридык Бактериология лабораториясынын (1926-ж. уюшулган) базасында Кыргызстан саламаттык сактоо эл комиссариатынын Эпидемиология, микробиология ж-а гигиена ин-ту уюштурулган. Аны адегенде проф. Б. Я. Эльберт, кийин Т. Л. Прорешина ж-а В. М. Перелыгин жетектеген. Ин-тта ичеги инфекциясынын, кенгоордун, полиомиелиттин, гриптин этиологиясы изилденип, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында кутурмага, ичеги инфекциясына, чечекке, баш келтеге ж. б. ооруларга каршы 22 түрдүү вакциналар массалык түрдө чыгаруу ишке ашырылган. 50-жылдардын башынан табигый очоктуу инфекциялар — Ку-рикетсиоз, кене энцефалити, кене келтеси, геморрагиялык безгек, адамдын лептоспироздору ж-а алардын табигый очоктору иликтенип, паратиф, ич келте, дизентерия, грипп, катуу кармаган респиратордук оору ж-а арбовирустуу инфекция б-ча изилдөөлөр жүргүзүлөт.

1939-ж. Медицина ин-тунда Б. Я. Эльберт жетектеген микробиология кафедрасы түзүлүп, инфекциянын механизми б-ча ж-а туляремиядагы иммунитетти изилдөө жүргүзүлөт. Туберкулёзду диагноздоону оркүндөтүү б-ча маанилүү иштер 1957-ж. ачылган Туберкулёз ил. из. ин-тунда ишке ашкан. 1927-ж. М. С. Воскресенский негиздеген Бактериологиялык кабинет (кийин 1928-ж. Ветеринариялык-бактериологиялык лаборатория деп

өзгөртүлгөн) ветеринариялык микробиология б-ча изилдөөлөрдү жүргүзө баштаган. 1940-ж. Респ-калык ветеринариялык-бактериологиялык лабораториянын базасында уюшулган респ-калык ил. па. ветеринариялык тажрыйба станциясында козулардын анаэробдуу чычкагы, браздот, жугуштуу энтеротоксемия биринчи жолу изилденип аныкталган ж-а бул ылаңдар м-н күрөшүү чаралары иштелип чыккан (А. А. Волкова), өчкилердин жугуштуу плевропневмониясы изилденип, ага каршы күрөшүү үчүн вакцина сунуш кылынган (Р. С. Полковникова, С. П. Иванов); бруцеллёз, шарп, жылкының жугуштуу энцефаломиелити ж. б. ылаңдар м-н күрөшүү үчүн вакциналарды табуу б-ча иштер жүргүзүлгөн. Андан кийин ветеринариялык микробиологияны изилдөө борбору Мал чарба ж-а ветеринария ил. па. ин-ту ж-а Кыргызстан а. ч. ин-тунун ветеринария факультети болуп калды. Мында шарптын эпизоотологиясы ж-а туберкулёздун патогенези, койдун анаэробдуу инфекциясы, топоздун бруцеллёзу, мүнөздүү эмес опокот пневмониялар ж. б. изилденген. Кыргыз ССР ИАнын микробиология лабораториясында СССРде биринчи жолу койдун вирустук козу салышы аныкталган, койдун некробактериозу изилденип, аны м-н күрөшүү чаралары иштелип чыккан, койдун сальмонеллёзу да изилденип, аны м-н күрөшүү үчүн иммундуу глобулиндер даярдалууда, оорулардын табигый очоктуулугу изилденүүдө. 1966-ж. уюшулган Вирусология лабораториясында козулардын контагиоздуу эктимасынын вирусун өстүрүү методикасы иштелип чыккан, козогуучтун штаммдары изилденген ж-а жогорку иммуногендүү вакцина даярдалган. Ткань өстүрүү лабораториясынын кызматкерлери мүйүздүү ири малдын вирустуу диареясы бар экендигин табышып, бул ылаң м-н күрөшүү үчүн гипериммундуу кан сары суусун алышкан. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун микробиологдору эктомителердин микрофлорасын ж-а листерийлер м-н сальмонеллездердин оору жугузуучулар м-н өз ара мамилесин аныкташууда, ал эми күрөшүүнүн биологиялык методдору лабораториясы туринигөнзис тобундагы микробдордун штаммдарын болуп алып, аларды эктомителерге каршы пайдалануууда.

Кыргыз ССР ИАнын Бийик тоо физиологиясы ин-тунда булганыч сууну биологиялык тазалоо методдорун иштеп чыгуу максатында микробдордун штаммдары, абдан активдүү ажыроочу органикалык заттар изделүүдө. 1957-жылдан Кыргыз ССР ИАнын топурак таануу болүмүнүн (азыр Кыргызстан топурак таануу ил. из. ин-ту) базасында топурак микробиологиясы өнүрө баштаган. Фосфат эритүүчү бактериялар м-н витаминдердин жүгөрү ж-а кант кызылчасынын продуктуулугуна, которуштурып айдоодо ж-а бир түрдүү өсүмдүк өстүрүүдө жер семирткичтин топурак микрофлорасынын физиологиялык топторунун активдүүлүгүнө, түрдүк составына, сапына көрсөткөн таасири изилденүүдө, тоолуу жерде топурак пайда болуу процесстеринде микроорганизмдердин ролу аныкталууда. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун токой болүмүндө биогендик маанилүү элементтердин айлануусуна катышуучу микробиологиялык ценоздор ж-а тоо-токойлуу топурактын микробиологиялык активдүүлүгү изилденүүдө. 1954-ж. Фрунзе политехника ин-тунда техникалык микробиология лабораториясы уюштурулуп, анда тамак-аш продуктуларынын сапатын микробиологиялык контролдоо методдору изилденет. Кыргызстан курортология ж-а физиотерапия ин-тунун (1960-ж. уюшулган) микробиология лабораториясынын окумуштуулары гидрохимиктер м-н бирге минералдуу сууларды ж-а дары баткактарды изилдөөдө, Ысык-Көл суусунун санитариялык-бактериологиялык абалын изилдөө улантылууда. Алар жүргүзгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында реси-канын дарылоо баткак чарбаларын илимий негизде иштетүү мүмкүн болуп калды.

А. А. Волкова

Адамдын жана жаныбарлардын физиологиясы. Кыргызстанда бүтүн организмдин ж-а анын айрым органдары м-н системаларынын тирчилик аракети ж-дегү илим медицинадык ж-а биологиялык жогорку билим алууну уюштуруу м-н бир мезгилде онүрө баштаган. Физиология курсу адегенде айыл чарба ж-а педагогика ин-ттарында окулган, медицина ин-ту уюшулгандан (1939) тартып, окуу процесстерин м-н бирге илимдин бул тармагынын теориялык ж-а практикалык аспектилерин үзгүлтүксүз иштеп чыгуу башталган. Кыргызстанда физиологиянын калыптанышы физиологдор — И. П. Павлов, Н. Е. Введенский ж-а А. А. Ухтомскийдин Ленинград мектебинин идеяларынын бир кыйла таасири астында жүргөн. 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы ачылып, мында атайын жаныбарлардын физиологиясы лабораториясынын (башчысы А. Д. Слоним, кийин Г. П. Конради) түзүлүшү физиологиялык изилдөөлөрдүн кеңейишине мүмкүндүк берди. Алгачкы изилдөөлөрдүн максаты чөйрөнүн табигый факторлорунун адамдын организмине көрсөткөн таасирин изилдөө болгон. 1941—45-жылдары КММИ, СССР ИАнын Кыргыз филиалы ж-а Кыргызстан мал чарба ин-тунун кызматкерлери көптөгөн экспедицияларды уюштуруп, анда Кыргызстандын бийик тоо ж. б. табигый факторлорунун адамга ж-а малга көрсөткөн таасири биринчи жолу изилденген. Лаборатория шартында о. азиялык жаныбарлардын (кемирүүчүлөр ж-а курч-кумурскачылар) суткалык ритми, суу-туз ж-а энергия алмашуу өзгөчөлүктөрү изилденген. Физиология б-ча Кыргызстанда биринчи эмгектер (К. А. Чукин, Л. Г. Филатова) чыгып, аларда түрдүү бийиктик алкактардын климатынын лабораториялык жаныбарларга ж-а абориген жаныбарларга көрсөткөн таасири ж-дө маалыматтар чагылдырылган. Физиологдор м-н патофизиологдордун изилдөөлөрүндө бир кыйла орунду кан айлануу маселеси (Г. П. Конради, Г. Л. Френкель, С. Б. Даниляров) ээлейт. Г. П. Конради ж-а анын кызматкерлеринин эмгектеринде четки кан айлануусу жөнүндө салуу механизмдери аныкталган, кансыроо шарттарындагы кан айлануу системасына электролиттердин таасири изилденген. Нурдан жабыркаганда кан айлануусунун өзгөрүшү дыкаттык м-н анализденген (Е. И. Бакин, С. Б. Даниляров). Нурдан жабыркоо фазаларынын өтүшү м-н мүнөздөлүп, ал кайталанбас процесс экендиги далилденген. Е. И. Бакин адаптациянын ар кандай түрлөрүнүн оригиналдуу классификациясын иштеп чыккан.

60-жылдарда бийик тоо климатына ыңгайлашуу механизмдерин изилдөөдө уникалдуу багыт — бийик тоо ж-а пондоштыруучу радиация факторлорунун биргелешип көрсөткөн таасирин изилдөө жүргүзүлдү (С. Б. Даниляров ж. б.). Нурдан жабыркоо бийиктикке адаптация фазаларына резистенттүүлүгүнүн көз карандылыгы байкалган, бул шартта кычкылтек балансынын өзгөчөлүгү, кан ж-а лимфанын уюу системасы изилденген. Кишинин патологиялык абалында бийик тоо шарттарына нормада адаптацияланууу механизмдерин изилдөө бийик тоо медицинасын ж-а СССРдө уникалдуу багыт — бийик тоо кардиологиясын түзүүгө алып келген (М. Е. Вольский, М. М. Миррахимов); адамдын бийик тоого адаптацияланышынын курактык аспектилери изилденген (Б. Турусбеков). 70—80-жылдарда жүрөк-кан системасынын тоо шарттарына адаптацияланышы, жүрөк булчуңдарынын согуу аракетинин интимдүү механизмдери, бийик тоо шартында жүрөктүн иштөө өзгөчөлүктөрү изилденүүдө. Вегетатив нерв системасынын абалын анализдөөгө, кардиодинамикага көп көңүл бурулган (С. Б. Даниляров, А. Г. Зарипбян, А. Х. Карасаева).

Патологиялык процесстердин тоо шартындагы экспериментте өтүшүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн 70-жылдары патофизиологдор М. А. Алиев, А. Ю. Тилис ж. б. изилдешкен. Изилдөөлөрдүн чоң циклн тоодо кандын уюшун изилдөөгө арналган. Тоодогу кан суюктугунун абалын аныктоочу татаал система кандын өтө майда кан тамыры б-ча жүрүшү — микроциркуляция жана кан картинасынын өзгөрүшү м-н тыгыз байланышта экендиги аныкталган. Организм жашаган чөйрө

м-н кан уюу өзгөчөлүгүнүн ортосунда экологиялык-физиологиялык байланыш байкалган (В. А. Исабаева, Т. А. Пономарева, Ю. М. Шидаков). Тоодо адамдын өпкөсү м-н дем алуу системасы бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушарланат. Бул болсо булчуңдун иш-аракетине, көмүр кислотасына болгон реакцияга байланыштуу тигил функцияларды жөндөө өзгөчөлүктөрүнө таасир тийгизет (М. М. Миррахимов, Т. Ф. Калько). Адамда ж-а жаныбарларда кандын дем алуу функцияларынын өзгөрүшүнө Ф. И. Гиммерих ж-а М. Я. Щукинанын көп жылдык издөөлөрү арналган.

Физиологдордун 70-жылдардагы бир кыйла иш-аракеттери организмдеги гормонду жөнгө салууну үйрөнүүгө арналган. Бийик тоо чөйрөсүнүн калкан, бөйрөк үстүндөгү бездер ж-а гипофиздин функциясына тийгизген таасирин И. К. Ахунбаев, И. Т. Калюжный, К. М. Акылбеков, И. И. Канторович, К. Максутовдор изилдешкен. Бийик тоо шартында гипоталамогипофиз-бөйрөк үстүндөгү без системасынын функциясынын фазалык өзгөрүштөрү аныкталган (Ж. Закиров). Адаптацияны изилдөөдө кыйла орунду организмдеги жылуулук балансын жөнгө салуу ж-а биоэнергетика проблемасы ээлейт. Бул иштөр биринчи иретте тоодогу адамдын негизги зат алмашууларын изилдөөнү камтыган. Зат алмашуу орточо бийиктө азайып, жогорку бийиктө кобөө тургандыгы байкалган (А. Д. Слоним ж. б.). Негизги ж-а энергиялык алмашуу деңгээли ж-дегү маселе өтө татаал болгондуктан, скелет булчуңдарынын жылуулук пайда кылуусун изилдөөдө тоодо кычкылтекти керектөө өлчөмү ж-дегү маселе бир кыйла чагылдырылган. Тоого адаптацияланбагандан кийин жылуулук пайда кылуунун шексиз азаюусу, б. а. суукка кайра төскөри адаптацияланууу кубулушу аныкталган (Ю. И. Баженов ж. б.). Тоого адаптацияланууунун алгачкы мезгилинде ткань метаболизминин төмөндөшү жаныбарларга жасалган тажрыйбалардан аныкталган (М. Я. Щукина). Кыргызстандын табигый шартында жашоо чөйрөнүн температурасынын суткалык, мезгилдик чоң өзгөрүшү ткань деңгээлинде ж-а бүтүндөй организмдин деңгээлинде энергиялык алмашуунун туруктуулугу сактала тургандыгын талаа ж-а лабораториялык экспериментте байкоого мүмкүндүк берди (Г. Ибрагимова, М. М. Прасолова, А. Д. Слоним). Тоо шартында ж-а эмгек аракетинин айрым шарттарындагы адамдын биоритми б-ча бир кыйла иштер жүргүзүлгөн (М. Түркменов, А. А. Сорокин ж. б.). Тоодо ар кандай бийиктикте чөйрөнүн татаал факторлорунун жаныбар ж-а адамга тийгизген таасирин изилдөө түрдүү климаттык-географиялык зоналарда организмдин көнүгүп бүткөн абалы катары адаптациянын татаал формаларынын калыптанышы ж-дегү жобонун чыгышына мүмкүндүк берген (А. Д. Слоним, В. А. Исабаева, А. А. Айдаралиев, М. М. Миррахимов).

Биоэнергетика м-н адамдын булчуң ишинин маселеси ж-а эмгек м-н спорт физиологиясынын айрым проблемалары тыгыз байланыштуу. Көлдөнмө физиологиянын бул бөлүмдөрү 70-жылдардын аягы — 80-жылдардын башталышында тоодо, айрыкча жогорку бийиктиктерде адамдын күч ж-а акыл эмгегине жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө бир кыйла байланыштуу иштелип чыккан (М. Түркменов ж. б.). Эксперименттик күч келтирүү ж-а тоо-кен жумушчуларына жүргүзүлгөн изилдөөлөр тез жердегиге караганда тоодо иштөөдө дем алуу-циркулятор системасына бир кыйла көп күч келе тургандыгын аныктаган (В. С. Мамбеталиев, Д. С. Галимова ж. б.). Физиологиялык системаларга көшумча күчтүн ж-а чөйрө факторлорунун (кычкылтек жетишсиздиги, суук, күн радиациясы) татаал таасиринен тоодо иштөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү адамдын тоодо иштөө жөндөмдүүлүгүнүн прогноздоо, демек эл чарбасынын түрдүү тармактарында иштөө үчүн адамдарды атайы тандап алуу мүмкүнчүлүгүн негиздеди. Бул изилдөөлөр чөйрөнүн экстремалдык шартында организмдин физиологиялык абалын прогноздоо б-ча фундаменттик изилдөөлөрдүн негизи болуп калды (А. А. Айдаралиев ж. б., «Арктика, Антарктида, тоо жана чөл шарттары», 1980). Тоодо машыгууларды жүргүзүү ж-а респ-када спорттун өнүгүшү м-н спорт физиологиясы кеңири таралды. Балдардын тоодогу спортунан тышкары спорт командаларын тандап алуу ж-а машыгуунун режимдери б-ча сунуштар иштелип чыкты.

Теориялык ж-а колдонмо физиологиянын маанилүү аспектиси респ-канын эл чарбасынын кызыкчылыгынан келип чыккан 50—60-жылдары малга жүргүзүлгөн изилдөөлөр болуп эсептелет (В. Г. Яковлев, Р. Н. Одынец). Алгачкы изилдөөлөр зат алмашуунун физиологиясына, малдын көбөйүүгө жарамдуулугун жогорулатууга ж-а тукумчулдугун арттыруурга, о. эле жаныбарлардын бийик тоо шартына адаптацияланышына арналган. Ошол мезгилде жүргүзүлгөн иштердин ичинен алиментардык факторлордун малдын канынын көрсөткүчтөрүнө, зат алмашуусуна ж-а продуктуулугуна тийгизген таасирин изилдөө басымдуу орунду ээлейт. Ошону м-н бирге малдын лактациясынын физиологиясы ж-а биохимиясы б-ча фундаменттик изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ар кандай факторлорго байланыштуу сүттөгү органикалык заттардын биосинтези жөнгө салуу механизмн изилденген (В. Г. Яковлев). Бул мезгилдеги изилдөөлөрдүн натыйжасы—малдын көбөйүү жарамын, продуктуулугун жогорулатуу ж-а алардан алынган продукциянын сапатын жакшыртуу б-ча рекомендациялар. Геохимиялык кырдаалга жараша жаныбарлардын түрдүү топторунда микро- ж-а макроэлементтердин алмашуусу изилденген (Р. Н. Одынец, П. П. Валуйский, З. М. Токобаев). Жаныбарлардын айрым минерал заттарды керектөөсү ж-а минералдык тоюттандыруунун түрдүү деңгээли алардын канынын көрсөткүчтөрүнө, зат алмашуусуна ж-а продуктуулугуна тийгизген таасири аныкталган. Жаныбарлардын организминдеги азот алмашууга микроэлементтердин таасирине айрыкча көңүл бурулат (Р. Н. Одынец). 60-жылдарда микроэлементтердин кандын кычкылдануу касиетине тийгизген таасири изилденет (А. А. Морозов). Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында малды минералдык тоюттандыруу нормалары иштелип чыккан.

60-жылдарда көпшөөчү жаныбарлардын тамак сиңирүү ж-а азыктануу физиологиясы, алардын белокту ж-а айрым аминокислоталарды керектөөсүн аныктоо, организмдеги азот алмашууну жөнгө салуу, малды тоюттандырууда азоттун белоксуз булактарын пайдалануу изилденип, натыйжада малды протеиндүү ж-а аминокислоталуу тоюттандыруунун нормалары сунуш кылынган (Р. Т. Валуйская, П. П. Валуйский). Тамак сиңирүү процессинин ж-а малдын организминин азык заттарды пайдалануу натыйжалуулугунун тоюттун түрүнө, рациондун структурасына, минералдык тоюттандыруунун деңгээлине, тоют даярдоо технологиясына көз карандылыгы изилденген (В. В. Ли). 70-жылдардын аягында жаңы багыт — тукумдоо физиологиясын (Р. Э. Садыков), о. эле жайытта багуу шарттарында малдын жүрүмүнүн физиологиясын үйрөнүү башталган.

А. Д. Слоним

Өсүмдүктөрдүн физиологиясы. Өсүмдүктөрдүн физиологиясы б-ча изилдөөлөр 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы, анын ботаника секторунда өсүмдүктөрдүн физиологиясы лабораториясы уюшулгандан башталган. 1954-ж. биохимия тармагында иштердин кеңейтилишине байланыштуу бул лаборатория өсүмдүктөрдүн физиологиясы ж-а биохимиясы лабораториясы деп аталган. Айдалма өсүмдүктөрдүн физиологиясы: кант кызылчасының, тамекинин, жүгөрүнүн, буудайдын, тоют чөптөрүнүн, кээ бир мөмө берүүчүлөрдүн суу режими, өнүү, өсүү өзгөчөлүктөрү б-ча изилдөөлөр басымдуулук кылган. Лабораторияда кант кызылчасы ж-а жүгөрүнү сугаруу мөөнөттөрүнүн талаа диагностикасының транспирометрдик методу иштелип чыккан (Л. И. Евдокимова). Сугат жерлерде кант кызылчасынын кант топтоо физиологиясы изилденген. Кызылчанын канттуулугун

арттыруу жолдору аныкталган, зоналуулукту ж-а өстүрүү шарттарын эсепке алуу м-н аны кандай алуунун оптималдуу мөөнөттөрү белгиленген (Г. А. Евтушенко). Өсүмдүктөрдүн бийик тоо шартына адаптацияланышынын айрым физиологиялык аспектилерин лабораторияда изилдөө (А. Кайкиев, Б. Алышбаев) арпа, буурчак, турнепс ж. б. өсүмдүктүн абдан перспективалуу сортторун тандап алып, аларды бийик тоодо өстүрүү мал чарбасынын тоют базасын чыңдоого мүмкүнчүлүк берет. Ысык-Көл өрөөнүндө өстүрүлгөн жүгөрү сортторунун өнүү ж-а өсүү өзгөчөлүктөрү лабораторияда изилденген (А. Султаналиев), физиологиялык активдүү заттардын (гиббереллин, хлорхолинхлорид, малеин кислотасынын гидразиди) тамеки, кант кызылчасы ж. б. өсүмдүктөрдүн метаболизмине, өсүүсүнө, морфогенезине, продуктуулугуна ж-а түшүмүнүн сапатына көрсөткөн таасири изилденүүдө. Дан эгиндеринин сапатын ж-а буудайдын кышка чыдамдуулугун жогорулатуунун физиологиялык-биохимиялык негиздери иштелип чыккан (Г. А. Евтушенко, Б. О. Ахунбаева). Кант кызылчасын урук алуу үчүн кочүрүп тикпей өстүрүүдө кышка чыдамдуулугу (А. В. Беляева), ар кандай нымдуулук шартында кант кызылчасындагы органикалык кислоталардын составы (Л. И. Звягина) изилденген. Гүлдүү мителер (шумгуя, сары чырмоок) ж-а аны м-н илдеттенген өсүмдүктөрдүн (тамеки, кант кызылчасы) өз-ара байланышынын физиология-биохимиялык аспектилери, кант кызылчасын өстүрүү шарттарынын физиология-биохимиялык процесстерине ж-а ткандарынын түзүлүшүнө көрсөткөн таасири изилденүүдө. Өсүмдүктөрдүн физиологиясын изилдөөлөр Кыргыз ССР ИАнын Ботаника багында да жүргүзүлүүдө. Мында К. А. Ахматовдун жетекчилигинде интродукция максатында дарак-бадал өсүмдүктөрүнүн кургакчылыкка ж-а кышка чыдамдуулугу изилденүүдө. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун токой бөлүмүндө Түштүк Кыргызстандын токойлорундагы жаңгак-мөмө өсүмдүктөрүнүн биологиялык продуктуулугун арттырууга багытталган иштер жүргүзүлүүдө (О. В. Колов).

1953-жылдан физиологиялык изилдөөлөр Кыргыз мамлекеттик университетинин өсүмдүк физиологиясы кафедрасында жүргүзүлүүдө. Мында хлороздуу мөмө өсүмдүктөрүнүн физиологиялык мүнөздөмөлөрү (Л. А. Шпота), минералдык азыктандыруу ж-а сугат режимининин кант кызылчасынын фотосинтезине, дем алуусуна ж-а суу алмашуусуна көрсөткөн таасири (В. А. Печенов), о. эле анийимдин морфогенезинин өзгөчөлүгү ж-а морфиндин пайда болушу (С. С. Рустамбеков) изилденген. Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмесинин өсүмдүктөрдүн биохимиясы ж-а физиологиясы бөлүмүндө жүгөрү гетерозисинин физиология-биохимиялык негиздери иштелип чыгууда, буудайдын жаңыз өсүүчү формаларынын фотосинтездик продуктуулугу ж-а суу режими изилденүүдө (П. С. Фёдоров, Ф. Г. Камалдинов). *А. В. Беляева*

Гидробиология. Кыргызстандагы суулардын жаңыбарлар дүйнөсү жөнүндө алгачкы илимий материалдарды өткөн кылымдын 2-жарымында орус окумуштуу-саякатчылары П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Н. А. Северцов, А. П. Федченко, Н. М. Пржевальский ж. б. чогултушкан. Ысык-Көлдүн, Тарым, Нарын, Кара-Дарыя дарыяларынын, Алай кырка тоосунун түндүк капталындагы суулардан чогултулган коллекциялар б-ча Кыргызстандагы суулардын фаунасы 1-жолу баяндалган. 20-кылымдын башында Г. Алмаши ж-а Д. Д. Педешенко Ысык-Көл м-н Чатыр-Көлдөн эң биринчи фауна коллекцияларын чогултқан; кийинчерээк бул коллекциялар талданып чыгып, жөнөкөйлөр, рак сымалдуулар, сүлүк куртар, былкылдактар ж. б. омурткасыздардын фаунасы б-ча эмгектер жарык көргөн. Кыргызстанда максатка ылайык системалуу гидробиологиялык изилдөөлөр Окт. рев-ясынан кийин гана жүргүзүлө баштаган. 1924—27-жылдары О. Азия мамлекеттик университетинин (азыркы В. И. Ленин атн. Ташкен мамлекеттик университети) кызматкерлери А. Л. Бродский, Д. И. Кашкаров ж-а Н. А. Кейзердин жетекчилиги м-н Ысык-Кол, Сары-Челек ж. б. көлдөрдө гидробиологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 1928—33-жылдары СССР ИАнын Л. С. Берг жетектеген комплекстүү экспедициясы Ысык-Көлдө, Чүй ж-а Талас сууларынын алаптарында гидрологиялык, гидробиологиялык ж-а ихтиологиялык изилдөөлөр жүргүзүшкөн. Гидробиологиялык изилдөөлөрдүн, Ысык-Көлдүн балыктарынын тоют базасын мүнөздөөчү жыйынтыктары «Труды Киргизской комплексной экспедиции» жыйнагында толук берилген. Ушул эмгекте Ысык-Көлдүн ала буга, чабак, жылтыр ж-а сазан балыктарынын биологиясы, промысели б-ча изилдөөлөрдүн маалыматтары келтирилген. Л. С. Берг Ысык-Көлдө балык уулоочулукту кайрадан түзүү, анда сиг ж-а лосось балыктарын климатташтыруу тажрыйбасын жүргүзүү б-ча конкреттүү сунуштарды иштеп чыккан. Кийинчерээк М. А. Фортунатов ж-а Л. В. Арнольди Ысык-Көлгө байыр алдыруу үчүн форель-гегаркундун севандык башка форель расаларына караганда артыкчылыгын аныкташкан. Климатташтыруу 1929—36-жылдары жүргүзүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Ысык-Көлдө СССР ИАнын А. Н. Северцов атн. Жаныбарлардын морфологиясы ин-ту ж-а Зоология ин-тунун ихтиологдору м-н гидробиологдорунун В. В. Васнецов жетектеген тобу ийгиликтүү иштеген. 1947-ж. Кыргыз ССР ИАнын (ал мезгилде СССР ИАнын Кыргыз филиалы) составында ихтиология ж-а гидробиология лабораториясы уюштурулуп, аны Ф. А. Турдаков жетектеген. Бул лаборатория респ-кадагы ихтиологиялык, гидробиологиялык ж-а балык чарба изилдөөлөрдү жүргүзүүчү ж-а кординациялоочу негизги илимий ж-а методикалык борбор болуп калган. Анын уюштурулушу м-н респ-када квалификациялуу илимий кадрларды даярдоо ж-а жергиликтүү балык чарбасынын өнүгүү маселелерин дайыма изилдөөгө мүмкүн болуп калды.

1956-ж. дүйнөдөгү при ж-а уникалдуу бийик тоо көлдөрүнүн бири — Ысык-Көлдүн биологиясын комплекстүү изилдөө үчүн, анын түндүк жээгиндеги Чолпон-Ата шаарынын жанында Кыргыз ССР ИАнын биологиялык станциясы уюштурулган. Мында Ысык-Көл флорасы м-н фаунасын сапаттык ж-а сандык изилдөө жүргүзүлүп, суулардагы жаңыбарлар ж-а өсүмдүктөрдүн таралышы, омурткасыздардын массалык түрлөрүнүн биологиясы, балыктардын азыктануусу ж-а тоюттук өз ара байланышы, о. эле тоо өзөндөрүнүн фаунасы изилденүүдө (А. Ө. Көчүрбаев). Кыргызстанда гидробиологиялык изилдөөлөр респ-калык, бүткүл союздук илимий мекемелер ж-а жогорку окуу жайлар м-н тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Негизинен балыктардын тоют базасы изилденип, Ысык-Көл, Соңкөлдө ж-а Токтогул суу сактагычында балык чарбасын рационалдуу өздөштүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ж-а жолдору аныкталууда, майда көлмөлөрдө ж-а респ-канын түштүгүндөгү шалы талааларында балык өстүрүүнү өнүктүрүү б-ча сунуштар иштелип чыгууда. *М. В. Павлова*

Биохимия. Кыргыз мамлекеттик педагогика ин-ту уюшулгандан (1932) кийин, анын химия кафедрасында биологиялык химия курсун окуу башталган. 1940-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина ин-тунда И. И. Иванов-дун жетекчилиги м-н биохимия кафедрасы ачылып, анда кыймылдуу клеткалардагы зат алмашуу б-ча изилдөөлөр жүргүзүлөт. 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында жаныбарлардын биохимиясы лабораториясы ачылган. 1946-жылдан тартып анын жетекчиси проф. В. Г. Яковлев. Негизги көңүл малдын зат алмашуусун (өсүмдүк заттарын сиңирүүдө, малдын продуктуулугун жогорулатууда микроэлементтердин, витаминдердин, аминокислоталардын ролу) изилдөөгө бөлүнгөн. 1953-ж. Кыргызстан мал чарба ил. из. ин-тунун тоют химиясы лабораториясында (Н. И. Захарьев) түрдүү тоюттардын химиялык составы ж-а азыктык мааниси б-ча изилдөөлөр жүргүзүлөт.

1960-жылдан Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-тун-



Г. А. Айтиев, Ж. Кожахметов. «Акындар». 1956—57. КМСМ.



Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамлекеттик филармониясы. Арх. А. И. Печенкин. Фрунзе. 1980.

да гетерозисти изилдөө б-ча иштер жүргүзүлөт (П. И. Фёдоров). Медицина ин-тунда бийик тоо шартындагы биохимиялык процесстер изилденет. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында респ-канын биохимиктери бир топ монография чыгарган, малдын салмагын, тукумдуулугун арттырууга, жүн кыркып ж-а сүт саап алууну жогорулатууга комок берүүчү микроэлементтер м-н кошумча тоюттандыруунун колдонуу б-ча сунуштар иштелип чыккан. Биохимиянын, молекула биологиясынын ж-а генетиканын жетишкендиктеринин негизинде жогорку продуктуу ж-а түшүмдүү, кеңири таралган илдеттерге туруктуу ири малдын жаңы породаларын, а. ч. өсүмдүктөрүнүн сортторун чыгаруу жолдору изилденүүдө.

В. Г. Яковлев

Ботаника. Кыргызстанда ботаникалык изилдөө 19-кылымдын экинчи жарымында башталган. 1856—57-жылдары орус географы П. П. Семёнов-Тян-Шанский Тянь-Шанды изилдөө м-н анын өсүмдүктөрүнө өзгөчө көңүл буруп, 1000ге жакын өсүмдүк түрлөрүн мүнөздөп жазып чыккан. 1872—77-жылдары Түркстан ж-а Алай кырка тоосунун өсүмдүк дүйнөсүн А. П. ж-а О. А. Федченколор изилдеген. 1877—83-жылдары Пишпектеги Кара жыгач багын негиздеген край таануучу ж-а багбан А. М. Фетисов Кыргызстандын аймагынан эң көп гербарий материалын чогулткан. 1916—17-жылдары Шөкүлө тоосунда (Кыргыз Ала-Тоосу) В. Н. Сукачевдун жетекчилигинде алгачкы геоботаникалык туруктуу станция түзүлгөн. 1920-ж. Ташкенде О. Азия мамл. университетинин (САГУ) уюштурулушу м-н О. Азияда, а. и. Кыргызстанда көрүнүктүү ботаниктердин (М. Г. Попов, Е. П. Коровин, Р. И. Аболин, М. М. Советкина ж. б.) жетекчилиги м-н флоралык ж-а геоботаникалык изилдөөлөр кеңири кулач жайган. 1925—27-жылдарда эле Талас Ала-Тоосунун, Фергана тоо кыркасынын ж-а Борб. Тянь-Шандын айрым райондорун геоботаникалык изилдөөлөрү жүргүзүлгөн. 1928-ж. ботаниктер И. В. Выходцев ж-а Е. В. Никитина респ-канын Жерге орноштуруу башкармасына каратуу топурак-ботаникалык бюрону уюштурушкан. Ал кийин Кыргызстан край таануу пл. из. ин-тунун составына кирген. 1927—39-жылдары И. В. Выходцевдин жетекчилиги м-н Алай, Түркстан, Фергана тоо кыркаларынын, Борб. Тянь-Шань, Талас, Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолордун, Чоң- ж-а Кичи-Кемин сууларынын алаптарынын, Чүй-Иле тоолорунун, Алай, Чүй ж-а Фергана өрөөндөрүнүн өсүмдүктөрүн изилдөө б-ча иштердин көп цикли жүргүзүлгөн. Изилдөөлөр маршруттук, жарым кочмө ж-а туруктуу методдор м-н жүргүзүлгөн. Өсүмдүктөрдү картага түшүрүү ж-а мүнөздөп жазуу иштери аткарылган. Бардык жыйналган материалды жалпылоонун негизинде И. В. Выходцев Кыргыз ССРинин геоботаникалык картасын түзгөн. 1939-ж. Фрунзеде Е. В. Никитинанын жетекчилиги м-н Ботаника багы уюштурулган. 1940-ж. Е. П. Коровин ботаниктердин коллективи м-н бирге Алай, Фергана ж-а Чаткал өрөөндөрүндө жайыт массивдерин геоботаникалык изилдөө жүргүзгөн. 1940—46-жылдары Борб. Тянь-Шанда, Суусамыр, Алай өрөөндөрүндө, Кыргыз ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунда геоботаникалык изилдөөлөр улантылган. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы м-н анда татаал өсүмдүк систематикасы кабинети уюштурулуп, 1944-ж. Е. В. Никитина ж. б. «Кыргыз ССРинин флорасын» түзүү үчүн гербарийлерди талдап чыгышкан. Мында, о. эле өсүмдүк сырьёсу лабораториясы түзүлүп, ал инсектициддүү, дары ж-а техникалык өсүмдүктөрдү изилдөөнү жүргүзүшкөн. Респ-канын аймагында ири масштабдуу геоботаникалык картага түшүрүү жүргүзүлгөн. Өсүмдүктөрдү талаада мүнөздөп жазуу респ-канын өсүмдүктөрүнө салыштырмалуу тоо-лук мүнөздөмө берүүгө ж-а алардын классификациялык мүнөздөмө берүүгө ж-а алардын классификациясын иштеп чыгууга мүмкүндүк берген. Көптөгөн гербарий материалынын негизинде Кыргызстандын татаал өсүмдүк флорасын инвентаризациялоо жүргүзүлгөн.

1946—48-жылдары респ-канын Айыл чарба министерствосунун составында жайыт-мелиорация трести, кийинчерээк Жерди пайдаланууну долбоорлоо б-ча ин-т уюштурулуп, анда жайыт жерлердин тоют запасын изилдөө б-ча практикалык иштер жүргүзүлгөн. 1949-ж. Ботаника ин-ту ачылып, анын татаал өсүмдүктөрдүн систематикасы, геоботаникасы, микологиясы, физиологиясы, өсүмдүктөрдүн анализдик химиясы лабораториялары ж-а ботаника багы болгон. Татаал өсүмдүктөр систематикасы лабораториясында респ-канын ар кайсы райондорунан 100 миңге жакын өсүмдүктүн гербарийи чогултулган. Өсүмдүктөрдүн коллекциясы татаал өсүмдүктөрдү инвентаризациялоо ж-а 11 томдуу «Кыргыз ССРинин флорасын» (1951—65) ж-а ага «Кошумчаларды» (1967, 69) түзүү үчүн негиз болду («Кыргыз ССРинин флорасын» түзүүнү уюштуруучу ж-а негизги автору — Е. В. Никитина). Бул эмгекте татаал өсүмдүктөрдүн 120 тукуму, 850 уруусу, 3500дөн ашуун түрү мүнөздөлүп жазылган.

1947—50-жылдары Е. В. Никитина ж-а И. В. Выходцев өздөрүнүн кызматкерлери м-н Татыр, Суулуу-Буурлу өрөөндөрүндө альп ж-а субальп бийик чөптүү тоо шалбааларды, шалбаалуу талааларды, тоо этегиндеги ж-а жаңыз тоо талааларды, жарым чөлдөрдү изилдөөнү улантышкан. 1951—55-жылдары геоботаника лабораториясында И. В. Выходцев ж-а анын кызматкерлери Борб. Тянь-Шанда (Суусамыр өрөөнүндө), Жети-Өгүз сыртында деңиз деңгээлинен 3000—3200 *м* бийикте тоо алкактарынын өсүмдүктөрүн, өсүмдүктөрдөгү пластикалык заттардын динамикасын изилдешип, ал жерлерде чөп айдоо методдорун иштеп чыгышкан. 1955—60-жылдары Фергана кырка тоосунун түштүк капталында кызыл оттуу талаалар, арпалуу шалбаа талааларды, түрдүү дан-чөп өсүмдүктүү шалбаа, Талас Ала-Тоосундагы Кара-Коюн өрөөнүндө түрдүү талаалар, тоо этектеринин, альп ж-а субальп алкактарынын өсүмдүктөрүнүн биологиясы ж-а урук м-н көбөйүүсү изилденген. 1961—67-жылдары геоботаникалык байкоо (Л. И. Попова, Р. Н. Ионов, Л. П. Лебедева, А. Молдояров, К. Исаков ж. б.) Талды-Булак, Жаңлуу-Кайыңды сууларынын алабында, Чуңкурчак өрөөнүндө жүргүзүлгөн. Өсүмдүктөрдүн түрдүү типтери, микроэлементтердин биологиялык айлануусу изилденген; ири масштабдуу геоботаникалык картага түшүрүү жүргүзүлгөн. Татыр, Чуңкурчак, Талды-Булак өрөөндөрүндө, деңиз деңгээлинен 3400 *м* бийиктиктеги Ак-Сай өрөөнүндө, Соңкөл-Тоодо, 3016 *м* бийикте Ички-Тянь-Шанда стационардык байкоо жүргүзүлгөн.

60-жылдардын башталышында Ботаника багы (директору Э. З. Гареев) Кыргыз ССР ИАнын Президиумуна каратуу болуп өз алдынча болүнүп чыгып, дарак, бадал ж-а чөп өсүмдүктөрүнүн экологиясы, гүл өстүрүү, өсүмдүктөрдүн интродукциясы ж-а момо дарактарынын селекциясы б-ча иштерди жүргүзүүнү уланткан. 70-жылдарда К. Ахматовдун жетекчилигинде интродукция ж-а климатташтыруу, өсүмдүктөрдүн биологиясы б-ча иштер аткарылган. Жемиш берүүнү башкаруу принциптери изилденген, өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка туруктуу ж-а кышка чыдамдуу формаларын тандап алуу үчүн физиологиялык диагноздоо методдору аныкталган.

1965-ж. Кыргыз ССР ИАнын Ботаника ж-а зоология ин-ттары бириктирилип, ботаникалык лабораториялары (флора, геоботаника, споралуу өсүмдүктөр) бар Биология ин-ту түзүлгөн.

Флора лабораториясында Р. А. Айдарованын жетекчилигинде географиялык айрым райондордун, о. эле жалпы респ-канын флорасы изилденүүдө. Алар м-н бирге Кыргызстанда өскөн жер буурчак (Р. А. Айдарова), бетеге (Л. И. Кашенко), тыйынчанак (Б. А. Султанова), шыбак (Е. В. Никитина, А. У. Убукеева) ж. б. өсүмдүк уруулардын таксономиясы изилденип жатат. Респ-канын гербарий фондусу жылыга толукталып, 200 миң гербарий барагына жетти. Гербарийдин базасында татаал өсүмдүктөрдүн популярдуу аныктагычтары басмадан чыккан ж-а чыгып жатат. Жоюкой өсүмдүк топторун изилдөөлөр споралуу өсүмдүктөр лабора-

торлысында жүргүзүлүүдө. Респ-канын микофлорасы ж-а өсүмдүктөрдүн козу карындуу илдеттери изилденген (Н. А. Гамалицкая).

1969-ж. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун өсүмдүк экологиясы лабораториясы уюштурулуп, мында эрозияланган тоо капталдарынын өсүмдүктөрүн ж-а аларды рационалдуу пайдалануунун жолдорун изилдөө (экологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү, морфология-анатомиялык белгилери, өсүмдүктөрдүн тамыр системаларынын мүнөздөмөлөрү, өсүүнүн ж-а биологиялык продуктуулуктун динамикасы) башталган (В. С. Шарашова). Өсүмдүк ресурстары лабораториясында дары ж. б. пайдалуу өсүмдүктөрдүн запасы ж-а алардын биологиясы изилденүүдө (З. С. Арбаева). Окумуштуу-токойчулардын ин аракетинин аркасында респ-када жаңгактын, мистенин, бадамдын, Шренк карагайынын ж. б. породаларын кечот отургузулган алпттары көбөйүүдө; кадимки мырза карагай, кызыл карагай ийгиликтүү өстүрүлүүдө. Жарым чөл, талаа түздүктөрүн ж-а тоо этектерин мисте, бадам, абрикос, алма, алмурут, кара жыгач, четин ж. б. тигүү м-н токойго айлантуу б-ча иштер жүргүзүлүүдө. Ботаникалык изилдөөлөр, о. эле жогорку окуу жайларынын кафедраларында да жүргүзүлөт.

В. Султанова

Зоология. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө 19-к-дын 2-жарымында башталып, орус илимпоз-салкатчылары Н. А. Северцов, А. П. Федченко, П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Н. М. Пржевальский, В. Н. Шнитников ж. б-лардын ысмы м-н байланыштуу.

Териология. Илимдин бул тармагындагы изилдөөлөр айрыкча Совет өкмөтү орногондон кийин кеңири кулач жайган. Кыргызстанда туруктуу эмгектенген тунгуч зоолог Д. П. Дементьев болгон. Ал өзүнүн 30 жылдык эмгектенүүсүндө (1926-жылдан) республиканын бардык булуң-бурчунда болуп, өзү түзгөн зоология музейи үчүн материал чогулткан. 1923—50-жылдары териология б-ча мүнөздөп жазуу, систематикалык ж-а экология-фауналык мүнөздөгү изилдөөлөр жүргүзүлгөн (Д. Н. Кашкаров, Н. П. Наумов, Б. А. Кузнецов ж. б.). 1951-жылдан зоология б-ча жүргүзүлгөн иштерге А. И. Янушевич башчылык кылган. Анын жетекчилиги ж-а катышуусу м-н Кыргызстандын ыянду кемирүүчүлөрү изилденип, аларга каршы күрөшүү жолдору аныкталган. Кемирүүчүлөрдүн экологиясы ж-а Кыргызстандын аймагынын зоогеографиялык болунушу б-ча изилдөө жүргүзүлгөн (А. Токтосунов). Териологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында ачылык чарбасынын ж-а айбанаттардын баалуу түрлөрүн климатташтыруунун илимий негиздери иштелип чыккан (Б. М. Айзин, Э. Ж. Шүкүров, Г. Г. Воробьев).

Орнитология. Кыргызстандын орнитофаунасын илимий изилдөө 19-кылымдын 2-жарымында Н. А. Северцовдун Түркстан аймагынын бир кыйла тоо болугүнүн орнитофаунасын фундаменттик изилдөөлөрүнөн башталган. Бул изилдөөлөр түрдүк состав, тик багыт б-ча белуштүрүлүш, фауналык байланыштар жөнүндө маалымат берген. В. Н. Шнитниковдун эмгектеринде Кыргызстандын канаттууларынын биологиясы, мезгилдүү кубулуштары, таралышы б-ча жаңы маалыматтар жалпыланат. Орнитологиялык байкоолордун респ-канын түштүгүндө Д. Н. Кашкаров жүргүзгөн. 1927-жылдан Д. П. Дементьев канаттууларды пландуу түрдө изилдөөнү баштаган. Ал Н. Я. Васильев м-н бирге Кыргызстандын Борбордук музейинин орнитология коллекциясынын башталышын негиздеген. А. И. Янушевичтин жетекчилиги м-н «Кыргызстандын куштары» аттуу 3 томдук чыккан (1959—61). Айрым региондордун орнитофауналарын изилдөө улантылган (А. Кыдыралиев, Г. Г. Умрихина). 1970-жылдан орнитологдор канаттуулардын миграциясын ж-а алардын маанилүү экосистемалардагы ролун изилдөөдө.

Ихтиология. Кыргызстанда ихтиология илими совет бийлигинин жылдарында гана тез өнүгө баштаган. 1928—33-жылдары СССР ИАнын Л. С. Берг жетекчилик комплекстүү экспедициясы Ысык-Көлдүн, Чүй ж-а Талас дарыяларынын алаптарын изилдеп, Ысык-Көлдүн ихтиофаунасын, анда форель балыгын климатташтыруу жолу м-н реконструкциялоо б-ча сунуштарды иштеп чыккан. Ысык-Көлдүн балык уулоо участкаларын изилдөө проблемасы б-ча П. П. Дементьев иштеген. Ихтиологиялык изилдөөлөр Кыргызстандын көлдөрүндө ж-а сууларда балыктарды көбөйтүү, климатташтыруу, тоют базасын чындоо чараларына арналган (Ф. А. Турдаков, И. А. Пивнев, Б. П. Лужин, А. Ф. Турдаков, А. Ө. Коңурбаев, Ж. Иманов ж. б.). 70-жылдары респ-канын табигый көлдөрүнүн (Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл) экосистемаларын изилдөө б-ча иштер улантылып, жасалма суу сактагычтардагы (Токтогул, Киров) балыктардын биологиясын андан ары изилдөө б-ча иштер жүргүзүлүүдө.

Энтомология. Улуу Октябрь революциясынан кийин а. ч. энтомологиясы б-ча изилдөөлөрдүн борбору Жер иштер эл комиссариатында топтолгон. 1929-ж. С. П. Тарбинский а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерин эсепке алуу кызматынын тармагын алгач уюштурган ж-а респ-канын зыянкеч энтомофаунасын изилдөө башталган. 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы м-н бирге энтомология лабораториясы уюшулуп, респ-канын энтомофаунасын пландуу түрдө изилдөө башталат. Лабораториянын биринчи жетекчилери А. С. Космачевский ж-а А. А. Любищевдер болгон. Респ-канын энтомологдору курт-кумурскалардын айрым топторунун фаунасын, өтө зыянкеч түрлөрүнүн биологиясын ж-а айыл чарбасы м-н токой чарбасынын зыянкечтерине каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгышкан (В. Л. Кушев, П. И. Мариковский, В. Ф. Палий, Р. П. Караваева, А. И. Проценко, К. Ибраимова, Л. В. Пэк, Ю. С. Тарбинский, Р. Мамбетова ж. б.). 70-жылдарда энтомологиялык изилдөөлөр 2 негизги багытта жүргүзүлөт: зыянкеч курт-кумурскалар м-н күрөшүүнүн патыйжалуу чараларынын биологиялык негизин иштеп чыгуу максатында алардын түр составын, биологиялык таралышын ж-а санын аныктоо, пайдалуу курт-кумурскалардын фаунасы ж-а күрөшүүнүн биологиялык ыкмалары үчүн аларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө.

Арахно-энтомология тармагындагы изилдөөлөр протозойлуу, жугуштуу ж-а арбовирустуу инфекцияларды изилдөө м-н тыгыз байланышта. Иксодес кенелери жөнүндөгү алгачкы маалымат басма сөздө 1928-ж. чыгып (Н. О. Оленев), кийин алар жөнүндө М. В. Поспелова-Штром (1935), Б. И. Померанцев (1950) маалыматташкан. Иксодес кенелерин С. Аманжулов, С. П. Иванов, С. С. Вечеркин, В. И. Есиков, Е. Н. Петрашевская ж. б-лар изилдешкен. Үй ж-а жапайы жаныбарлардын иксодиддери түрдүү климаттык шартта изилденген (Р. В. Гребенюк, С. К. Сартбаев). Кыргызстандын тоолуу райондорундагы сүт эмүүчүлөрдүн ала курту ж-а бүргөлөрү изилденген (Р. В. Гребенюк). Бул бүргөлөрдүн экологиясына негизделген чараларды колдонуунун натыйжасында респ-канын аймагында вермиспиллёз таңыр жоюлган. Канаттуулар ж-а а. ч. жаныбарларынын эктомителери м-н күрөшүүнүн биологиялык методдору иштелип чыгууда (Л. Ф. Ромашева). 1957-жылдан эктомителердин айрым топторуна: үй ж-а жапайы канаттуулардын жүн жегичтери (С. Каспев), кемирүүчүлөр ж-а коён сымалдуулардын эктомителери (С. К. Сартбаев), когоондор (П. А. Чиров), желмочилер (И. А. Тарвит-Гонтарь), майда чиркей (Э. Ө. Конурбаев) жана сайгактарга (Л. Ф. Ромашева ж-а А. П. Камарли) пландуу изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Канаттуулардын массалык түрлөрүнүн эктомителеринин комплексин ж-а алардын листериоз, сальмонеллёздор эпизоотологиясындагы маанисин изилденүүдө, о. эле түрдүү муунак буттуулар м-н күрөшүүнүн биологиялык чаралары иштелип чыгууда.

Гельминтология. К. И. Скрябиндин демилгеси м-н СССР ИАнын Кыргыз филиалында гельминтология лабораториясы уюштурулган (1943-ж.). 70-жылдарга чейин үй ж-а жапайы жаныбарлардын гельминттеринин фауналык комплекстеринин таралышынын негизги закон ченеми изилденген. Кыргызстандын аймагында гельминтоздордун бир катар, а. п. альвеококкоз, трихинеллёз, дикроцелиоз сыяктуу коркунучтуу түрлөрүнүн табигый очогу бар экендиги аныкталган. Ысык-Көл м-н Соңколдун экосистемаларынын компоненттеринде гельминттердин ролун аныктоо б-ча изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Гельминттердин жумурткалары ж-а личинкаларынын табигый биоэлиментаторлору табылууда. Агроценоздогу фитонематоддордун саны жөндөөнүн биоэкологиялык негиздери иштелип чыгууда. В. Г. Гагаринди «Кыргызстандын койлорунун гельминттери», М. М. Токобаевдин «Орто Азиянын жапайы сүт эмүүчүлөрүнүн гельминттери» аттуу эмгектери жарык көргөн.

С. Касиев

Генетика. Кыргызстанда генетикалык изилдөөлөр 20-к-дын 30-жылдарынан өнүгө баштап, негизинен колдонмо (прикладдык) мүнөздө болгон. Изилдөөлөрдүн негизги багыты — өсүмдүктөр м-н жаныбарлардын селекциясынын генетикалык негизи. Кыргызстанда 30-жылдардан баштап гибриддештирүү максатында жерг. өсүмдүктөрдү жыйноо претинде экспедициялык иштер жүргүзүлгөн. Натыйжада алгачкы буудай-буудайык формалары алынып, жогорку түшүмдүү (100 *ц/га* ж-а андан көп), кыска сабактуу буудайдын сортун алуу үчүн материал түзүлгөн (М. Г. Товстик, П. П. Рыжей ж. б.). Кыргызстан дыйканчылык ин. из. ин-тунда таатаал гибриддештирүү жолу м-н арпанын Нарын-27, Нутанс-970 сорттору чыгарылган (Н. И. Полякова, О. А. Фёдорова ж. б.). Алар респ-канын чегинен тышкары аймактарда да райондоштурулган. Селекцияга эфиоп үлгүлөрүн катыштыруу м-н арпанын аминокислоталык составы жакшыртылган (составында алмаштырылгыс аминокислоталар, айрыкча лизин көп болот), белогу арбын түрү алынган. Буудай ж-а буудай-буудайык гибриддериндеги картотиптеринин айырмачылыгы, арпанын сандык ж-а сапаттык белгилеринин генетикалык параметрлери (В. И. Литвинова ж. б.) цитологиялык жактан изилденүүдө. Жүгөрү гетеросисинин табияты изилденүүдө, кайчылаштырылган компоненттерди тандап алуунун биохимиялык принциптеринде негизделген гетеросис селекциясынын жаңы схемасы иштелип чыгууда. Мына ушул негизде жүгөрүнүн жогорку түшүмдүү, белогу арбын Чүй П-2, П-47, П-466, Д-62 гибриддери чыгарылган (П. С. Фёдоров, Е. А. Теплова ж. б.). Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-тунда (И. П. Савоськин, В. Ф. Чеболда) СССР ИАнын Сибирь бөлүмүнүн Цитология ж-а генетика ин-ту м-н бирдикте кант кызылчасынын полиплоидиясы б-ча эксперименттик изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Кант кызылчасынын мол түшүмдүү, канты арбын Кыргыз 18 чала гибрид сорту чыгарылган. Өзү чандаткан линияны түзүү ж-а аныи негизинде кант кызылчасынын линия аралык гибриддерин алуу максатында цитоплазмалык эркек стерилдүүлүктү изилдөө жүргүзүлүүдө (Г. С. Степаненко). Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-тунда (Е. И. Сосина, Е. И. Федорук) жүзүмдүн селекциялык маанилүү белгилеринин түкүм куугучтугу изилденүүдө. Мунун негизинде жүзүмдүн жаңы гибрид сорттору (Кыргыз эрте си, Ольга, Чүй, Вартан ж. б.) чыгарылган. Ботаника багында (Э. З. Гареев) алма ж-а алмурттун, кара өрүк, шабдалы, өрүк ж-а чиенин гибрид фондусу түзүлгөн. Морфологиялык ж-а цитогенетикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында гибрид фондусунан 10 тетраплоид болуп алынып, данекгу породаларынын гаплоиддеринен аномиксис изилдене баштаган (И. В. Солиддеринде датов). Кара өрүктүн түрдүү хромосомалуу алыскы түрлөрүн гибриддештирүү жүргүзүлүүдө.

Жаныбарлардын генетикасы жаатынан илимий ин 1957-ж. Кыргыз ССР ИАда жаныбарлардын генетикасы ж-а морфологиясы болүмү түзүлгөндөн тартып кеңири кулач жайды. 30-жылдардан тартып өзө көй чарбасында селекциянын генетикалык негиздери иштелип чыга баштаган. Отонун натыйжасында 1956-ж. койдун улң жүндүү породасы чыгарылган (М. Н. Лущихин ж. б.). Бул породанын генетикалык параметрлери б-ча иштер жайылтылып, чарб.-пайдалуу негизги белгилеринин комплекстүү түкүм куугучтугу, алардын кайталануусу ж. б. изилденген (Е. Г. Мезенцев ж. б.). Кыргызстан мал чарба ил. из. ин-тунда кроссбред багытындагы чала уяң жүндүү тянь-шань породасы (Е. С. Друженькова, Г. И. Друженьков) ж-а эт-май, жүн багытындагы куйруктуу койлордун алай породасы (И. М. Ботбаев, А. В. Хмыров) чыгарылган. 1934-жылдан кыргыз уйларын швиц ж-а кострома уйлары м-н аргындаштыруу б-ча көп ин жүргүзүлүүдө (Л. П. Кудасов, Н. С. Колышкина). Сүт багытындагы олуя-ата породасы чыгарылган (П. Н. Квитко, А. З. Квитко ж. б.). Линия б-ча таза породаларды өстүрүү методдору м-н уйдун ала-тоо породасы чыгарылган (А. С. Всяких, Н. И. Захарьев ж. б.). Биохимия методдорун колдонуу м-н иммуногенетика б-ча иштер кеңейтилүүдө, жылкы м-н уйдун капынын кан сары суу белокторунун ж-а тооктун жумуртка белогунун генетикалык полиморфизми изилденүүдө (Ю. Г. Быковченко ж. б.). Жылкы чарбасынын породалык ресурстары, башка жактан алынып келген жылкынын тоо шартына байыр алуу маселелери, белгилердин түкүм куугучтугу ж-а өзгөргүчтүгү изилденүүдө. Бул иштердин натыйжаларын пайдалануу м-н Кыргызстан мал чарба ил. из. ин-тунун кызматкерлери жылкынын тоо жайыттарында асыроого жакшы көнүккөн жаңы кыргыз породасын чыгарышкан. Жумуртка багытындагы жогорку продуктулуу тоок линиясын жакшыртуу методдору, о. эле кыргыз тоогунун породалык тобу чыгарылган (А. Каниметов, Е. Е. Дьяконов). 50-жылдардан тартып тыт жибек пилласынын түсүнүн түкүм куугучтугунун закон ченеми (М. К. Муксинов, Кыргызстан а. ч. ин-ту), экинчи муундагы гибрид гетерозисти практикада пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү, о. эле партеногенез изилденүүдө. Кыргыз мамл. медицина ин-тунда медицина генетикасы, адамдын түкүм куугучтук аномалиясынын ж-а оорусунун генетикасы б-ча иштер жүргүзүлүүдө. Генетика илимин кеңири пропагандалоону Генетиктер м-н селекциячылардын бүткүл союздук коомунун Кыргызстандагы бөлүмү жүргүзөт.

Е. М. Лущихина

Айыл чарба илимдери. Топурак таануу. 1913—16-ж. К. Д. Глинканын жетекчилигиндеги ж-а С. С. Неуструев, Л. И. Прасолов, А. И. Бессонов, Н. А. Лебедев сыяктуу белгилүү топурак таануучулар катышкан экспедициялар топуроктун географиялык таралышынын жалпы закон ченемин аныктап, айрым аймактар үчүн алардын агрохимиялык мүнөздөмөсүн түзгөн.

Октябрь рев-ясынан кийин Кыргызстандын топурагы кеңири изилдене баштаган. 1919-ж. Ташкенде уюшулган О. Азиз топурак таануу ж-а геоботаника ин-тунун тунгуч директору Н. А. Димо тарабынан 20-жылдарда Кыргызстандын айрым аймактары топурак-геоботаника жагынан изилденген. 1933-ж. респ-канын Жер иштер эл комиссариатынын жерге орноштуруу башкармасына караштуу топурак таануу тобу түзүлүп, ага Ф. А. Попов жетекчилик кылган. Бул топ респ-канын айрым райондорунун топурак картасын түзүп, мамл. 20 сорт сыноо участкасынын топурагына мүнөздөмө берген. 1935-ж. СССР ИАнын өндүрүч күчтөрдү изилдөө советинин (ӨКИС) Кыргызстан комплекстүү экспедициясынын топурак таануучулары (А. Н. Розанов, Н. Д. Беспалов, М. М. Мазыро, С. Н. Селяков) Чүй өрөөнүнүн топурагын изилдеген. Сода-шор, шортоң ж-а шор топурак генезиси ж-а агро-өндүрүш мелиорация жагынан баалоо материалдары изилденген жерлерди туура пайдалануу ыктарын белгилөөгө мүмкүндүк берген. 1944—45-ж. СССР ИА ӨКИСинин, Түш. Кыргызстан комплекстүү экспедициясы Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорундагы момо-жаңгак токоюн, о. эле топурак катмарларын изилдеген (К. П. Богатырёв, Д. Г. Виленский, И. П. Гера-

симов, А. Н. Розанов, Ю. А. Ливеровский). Изилдөөлөрдүн патыйжасы кийинки жылдарда Кыргызстандын топурагын иликтоого чоң таасир тийгизген.

1947-ж. декабрда СССР ИАнын Кыргыз филиалында топурак таануу сектору уюшулуп, ал топурак ж-дө илимдин өнүктүрүүдө маанилүү этап болгон. Топурак таануу б-ча респ-канын бут аймагындагы изилдөөнү пландаштырып, ага методикалык жетекчилик кыла турган илимий борбор пайда болгон. 1948-жылдан 1953-жылга чейин Фрунзе, Жалал-Абад ж-а Ош обл-тарынын топурак кыртышы изилденген. Натыйжада Чүй өрөөнүнүн (Ф. А. Попов), Ош ж-а Жалал-Абад (Ф. А. Попов, Г. И. Ройченко) обл-тарынын топурак карталары түзүлүп, бул аймактардын генетикалык типтери системалаштырылган. Кыргызстанда топурак таануу б-ча иштерди кеңейтүү ж-а тереңдетүү зарылчылыгын эске алып, СССР ИАнын Президиуму 1952-ж. 28-ноябрда СССР ИАнын Кыргыз филиалынын топурак таануу секторун Кыргыз ССР ИАнын топурак таануу бөлүмү деп (1953) кайра уюштуруу ж-дө токтом кабыл алган. 1954-жылдан Тянь-Шандагы Кочкор ж-а Каракужур өрөөндөрүнүн топурак кыртышын изилдөө б-ча иштер башталган (А. Мамытов). Топуraктын алкактуулугу ж-а географиялык таралышы изилденген, негизги топурак типтеринин физика-химиялык касиеттеринин мүнөздөмөлөрү ж-а алардын туура пайдаланууб-ча сунуштар берилген. 1954—55-ж. Суусамыр (А. Жунушбаев) ж-а Чоң-Кемин (Ш. Аширахманов) өрөөндөрүнүн топурагы изилденген. Бул изилдөөлөрдүн натыйжасы аталган аймактардын топурагынын системалык абалын тактоого ж-а алардын географиялык райондоштуруусун аныктоого мүмкүндүк берген. 1955-ж. Ак-Сай ж-а Жети-Өгүз сыртарынын топурак кыртышын изилдөө башталып (А. Мамытов, А. Г. Сухачев, К. Эсенбаев), 1956-ж. Жети-Өгүз сыртынын топурагын изилдөө улантылган (Н. К. Баженов, А. Жунушбаев). Топурак генезиси, физика-географиялык касиеттери ж-а географиясы ж-дөгү материалдарды жыйынтыкталып, 1956-жылы «Кыргызстандын топуракtарынын системалуу тизмеси» (А. Мамытов, Н. К. Баженов, М. С. Курбатов, А. Н. Розанов, Г. И. Ройченко, Г. Н. Федичкин) аттуу эмгек басылып чыккан. Мында респ-канын топурагынын 98 тиби, типчеси ж-а түрү аныктоо мүнөздөмөсү берилип, ал респ-канын аймагында топуракты картага түшүрүү иштерин жүргүзүүдө баштапкы материал болуп калган.

1955—58-ж. А. Мамытовдун жетекчилиги м-н Борб. Тянь-Шандын начар иликтелген топурагы изилденип, бүт аймак маршрут б-ча талданып чыккан. Мунун натыйжасында Тогуз-Торо, Ала-Бука, Ат-Башы, Кара-Коюн, Жумгал, Нарын, Суусамыр, Соңкөл өрөөндөрүнүн орто масштабдуу топурак картасы түзүлгөн. 1957—60-ж. Кыргыз ССР ИАнын топурак таануу бөлүмү комплекстүү туруктуу тажрыйба жүргүзген. Ак-Сай сыртынан алынган материалдар Борб. Тянь-Шандагы сырт тайпак тоолорунун бийик тоо топурагын өздөштүрүү ыкмаларын белгилөөгө мүмкүндүк берген. Бул ыкмалар «Бийик тоо топуракtарын стационардык изилдөө» (1962) аттуу монографияда толук чагылдырылып, сырттарда табигый жайытты кеңейтүү, эгилме жайыт м-н чөп чабынды түзүү, Тянь-Шандын өрөөндөрүндө тоют далдоо б-ча сунуштар иштелип чыккан. Борб. Тянь-Шань ж. б. аймактардын топурагынын географиясы б-ча кеңири иштер жүргүзүлүп, 1960-ж. 1:600 000 масштабдуу «Кыргыз ССРинин топурагынын картасын» түзүүгө көмөк берген (А. Мамытов, Г. И. Ройченко, А. Жунушбаев). Картада 58 топурак тиби, типчеси ж-а түрү көрсөтүлгөн, эски сугат топурагы, шор ж-а шортоң топуракtар болүнгөн. Дыйканчылык аймактары, о. эле тоо аралыгындагы ойдуңдардын ж-а сырт тайпак тоолорунун түзөңдөрүнүн аянттары үчүн топуракtын бүртүктөмө составы көрсөтүлгөн. Бул картанын негизинде респ-канын жер ресурстары топурак типтери б-ча алгач эсептелип чыккан. Кийин бул карта Кыргыз ССРинин топурак-мелиорация, топурак-эрозия, топурак-агрохимиялык, бүртүктүү составы, топурак грунтунун ж-а түпкү тоо тектердин суу сиңиримдүүлүгүнүн, топурак-географиялык ж-а топурак-мелиорациялык райондоштуруу карталары сыяктуу атайын карталарды түзүү үчүн негиз болгон. 1963-ж. А. Мамытовдун «Борбордук Тянь-Шандын топурагы» аттуу монографиясы басылып чыккан. Анда Тянь-Шандын тоо топуракtары б-ча өзгөчө материал жыйынтыкталып, алардын таралышынын жалпы закон ченеми аныкталып, топурак классификациясы ж-а систематикасы иштелип чыккан.

Кыргызстан тоолуу өлкөнүн катарына кирип, тоо капталдарынын өтө тиктиги, алардын эрозия процесстеринин ургаалдуу өнүгүшүнүн натыйжасында өсүмдүксүз жылаңач болушу ж-а сай-сай болуп тилмеленишп м-н айырмаланып турат. 1957-ж. эрозия процесстерин изилдөө ж-а аларды болтурбоо чараларын иштеп чыгуу б-ча лаборатория уюштурулуп, ал Бүткүл союздук топуракты эрозиядан сактоо илим изилдөө ин-туна караган. Изилдөөлөрдүн (А. Жунушбаев, И. Ф. Аристов, О. Асанбаев) натыйжасында Борб. Тянь-Шандын, Түп. Кыргызстандын кайрак ж-а жайыт жерлеринин эрозияга чалдыгуу чени аныкталып, топурак эрозиясы м-н күрөшүү чаралары сунуш кылынган. Респ-канын эл чарбасы мелиорацияга ыңгайсыз жерлерди өздөштүрүүгө көңүл бурганын эске алып, 1957-жылдын башталышында атайын лаборатория уюштурулуп, анда шор, шортоң ж-а таштак топуракtардын мелиорациясы б-ча иштер жүргүзүлгөн. Борб. Тянь-Шандын аймагы, о. эле жалпы респ-ка үчүн шор ж-а шортоң топуракtын орто масштабдуу картасы түзүлүп (Н. К. Баженов), Чүй өрөөнүндөгү шор ж-а шортоң топуракtын генезиси изилденген. Шордонуу типтери ж-а алардын өнүгүшү аныкталып, шор ж-а шортоң топуракtардын мүнөздөмөсү ж-а алардын систематикасы берилген. 1960—64-ж. Кенес-Анархайдын чөл-талаа күрөң топурагынын а. ч. өсүмдүктөрүн минерадуу (4—5 *г/л*) суу м-н сугаргандагы шордонуу режими изилденген (И. И. Коваленко, С. Д. Михайлов). Изилдөөлөрдүн негизинде топуракты шордонтпоо ж-а шортондотпоо б-ча чаралар иштелип чыккан.

1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын топурак таануу бөлүмүндө топурак микробиологиясы лабораториясы иштей баштап, анда Борб. Тянь-Шандын (Э. Г. Вухрер, В. И. Сухачева ж. б.), кийинчерээк бүткүл Кыргызстандын (С. И. Воронов, А. Умотов, К. Шамшиева ж. б.) топурагынын микробиологиялык мүнөздөмөсү түзүлгөн.

1963-ж. топурак таануу бөлүмү О. Азия топурак таануу инл. из. ин-тунун Кыргыз филиалы болуп, ал эми 1966-ж. апрелден Кыргыз ССР айыл чарба мин-восунa караштуу Кыргызстан топурак таануу инл. из. ин-ту болуп кайрадан түзүлгөн. Бул ин-ттун коллективи жер кадастрынын илимий принциптерин иштеп чыгуу, топуракtын агрохимиялык ж-а агрофизикалык мүнөздөмөсү, топурак эрозиясы ж-а шордонуусуна каршы күрөшүү методдору, топурак таануунун ж. б. маселелери б-ча көп изилдөө жүргүзгөн. Тамыр м-н тоюттандырууnун топурак микробиологиялык шарты, өсүмдүктөрдүн азык-зат элементтеринин топурак арасындагы запасын топтоодо биостимуляторлордун ролу, суу эрозиясына каршы күрөшүү маселелери б-ча изилдөө улантылууда. 80-жылдарга чейин ин-ттун илимпоздору иштеп чыккан сунуштардын негизинде респ-канын 280 чарбасында жерди ири масштабдуу картага түшүрүү ж-а Чүй өрөөнүндөгү колхоздор м-н совхоздордун 70 миң гектардан ашык жер аянтында шор топуракты гипстөө жүргүзүлгөн.

Агрономия. Селекция ж-а үрөнчүлүк. Кыргызстандын аймагында Октябрь рев-дсына чейин селекция ж-а үрөнчүлүк б-ча бир дагы инл. из. мекемеси болгон эмес. 1925-ж. Фергана өрөөнүндө (Оштун жанында) ж-а Ысык-Көл өрөөнүндө (Пржевальскиге жакын жерлерде) алгачкы тажрыйба талаасы болуп берилип, ага үрөн өстүрүлгөн. Мунун биринчиси 1946-ж. Ошто Пахта-беде тажрыйба станциясы болуп, 1960-ж. ага «Кара-Суу» совхозун кошкондон кийин Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясы болуп кайрадан түзүлгөн. Экинчиси 1960-ж. Пржевальскиде уюшулуп, Ысык-Көл тажрыйба-селекция станциясына бириккен. 1927-ж. Кыргызстан мамл. селекция станциясы ж-а 1929-ж. Кант ө. ж-нын Бүткүл союздук инл. из. ин-тунун Кант таянын пункту, 1948-ж. ал Кыргызстан кант кызылча тажрыйба-селекция станциясы болуп кайрадан түзүлүп, иштей баштаган. 1932-ж. зыгыр (Чүй өрөөнүндө) ж-а дары-дармек өсүмдүктөрү (Пржевальскинин чет-жакасында) тажрыйба станциясы, 1936-ж. Бүткүл союздук тамеки ж-а махорка инл. из. ин-тунун зоналык тажрыйба станциясы, 1937-ж. Кыргызстан момо-жашылча станциясы уюштурулган. 1960-ж. Чүй өрөөнүндө (Фрунзенин жанында) обл. комплекстүү а. ч. станциясы иштей баштаган.

Кыргызстанда буудай өсүмдүгү б-ча алгачкы селекция иштери 1933—34-ж. башталган. Анын жерг. сортторун чогултуу ж-а изилдөө б-ча экспедициялар иштеп, башка райондордогу сорттору ж-а Бүткүл союздук өсүмдүк өстүрүү ин-тунун коллекциялык үлгүлөрү изилденген. Бул изилдөөлөрдүн негизинде өлкөнүн башка райондорундагы күздүк буудайдын Украинка 246, Кооператорка 194, Псевдомеридиана 122 ж-а жаздык буудайдан Эритроспермум 841, жаздык арпанын Европеум 353/133, Прекоцпус 143, кийин аларды алмаштырган Нутапс 187 сыяктуу селекциялык сорттор райондоштурулган. Кийинчерээк күздүк арпанын, ал эми 40-жылдардын орто ченинде жүгөрүнүн селекциясы б-ча иштер башталган. Дан өсүмдүктөрүнүн селекциясы б-ча иштер Кыргызстан мамл. селекциялык станциясында (кийин Кыргызстан дыйканчылык инл. из. ин-ту болуп кайрадан түзүлгөн) жүргүзүлгөн. Күздүк буудайдын селекциясы б-ча иштп 30 жылдан ашык И. П. Рыжей жетектеген. Жаздык буудайдын селекциясы б-ча М. М. Линченко иштеген. 40-жылдардын орто ченинде башка райондордун селекциясынын күздүк буудайынын сортторун Кыргызстан мамл. селекция станциясынын Эритроспермум 9 (авторлору И. П. Рыжей, В. И. Николаева), Эритроспермум 72, Эритроспермум 115, Эритроспермум 132 (автору И. П. Рыжей), Ош 1 (автору М. Г. Товстик) сорттору сүрүн чыгарган. Бул сорттор, айрыкча Эритроспермум 72 ж-а Эритроспермум 9 өндүрүшкө кеңири таркатылган, бирок алар экстенсивдүү типте болуп, сугаруу шартында жапырылып жыгылып калып, 20—30 *ц га*дан ашык түшүм берген эмес. 30-жылдары селекция иштери м-н катар дан өсүмдүктөрүнүн үрөнчүлүгү изилденип, 1938-жылдан райондоштурулган сорттордун элита үрөнүн пландуу өстүрүү башталган.

50—70-жылдары 1956-ж. түзүлгөн Кыргызстан дыйканчылык инл. из. ин-тунун (1978-жылдан Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмеси аталат) ж. б. мекемелердин инл. из. иши негизинен а. ч. өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүү ж-а сапаттуу, илдеттерге ж-а зыянкечтерге чыдамдуу сортторун чыгарууну көздөгөн. Алардын саны 70тен ашып, буудайдын 6, арпанын 6 сорту, жүгөрүнүн 7 сорту ж-а гибриди, кант кызылчанын 4, жүзүмдүн 17, момо өсүмдүгүнүн 14, жашылчанын 5 сорту бар, 41 автордук күбөлүк алынган. 1978-жылдан күздүк буудайдын Интенсивная дуручка сорту 27,6 миң *га*, Эритроспермум 80 сорту 4,2 миң *га* алитка райондоштурулган. Булар сугат жерлерде 80—100 *ц/га* түшүм бере алат. 1978-ж. мамл. сыноого күздүк буудайдын дагы бир сорту — Фрунзе 60 берилген (М. Г. Товстик). Бул сорт кайрак жерлерде Безостая 1 сортунан 10 *ц/га*дан ашык түшүм берет. 1978-ж. Кыргызстан дыйканчылык инл. из. ин-тунун кара дан селекциясы ж-а алгачкы үрөнчүлүк болүмүнүн сорттору Кыргызстанда 169 миңден ж-а Казакстанда 240 миңден ашык *га* жерге себилген. Жемдик жаздык арпанын тоют үчүн арналган Толкун аттуу сорту Каракужур өрөөнүндө мамл. сыноодон өткөрүлүүдө, ал эми 1978-ж. күздүк арпанын Алтын дан сорту сыноого берилген.

Респ-када жүгөрү айдалган аянттын 70%тен арбынын жүгөрү селекциясы ж-а үрөнчүлүгү бөлүмүнүн кызматкерлери чыгарган гибриддер ээлейт. Гектарынан 100 ж-а андан да көп центнерден түшүм бере турган линиялар жоногой жүгөрү гибриди Чүй 47 Кыргызстан ж-а Кабарда-Балкар АССРинде райондоштурулган. Чүй 466 гибриди келечекте кеңири таралып, түшүмдүүлүгү 130 *ц/га*га жетмекчи. Чүй 62 гибриди 700—800 *ц/га* көк бакал (сотосу м-н бирге) берет. Даны бышкан мезгилдеги гибриддин сабагы ж-а жалбырагы көк бойдон силостоого жарайт.

1978-ж. кант кызылчанын Кыргызстан тажрыйба-селекция станциясынын селекциясы чыгарган сорттору — Кыргыз полигибрид 18 (В. Ф. Чеболда, Г. С. Степаненко, А. Н. Лутков, Е. П. Раджабли, И. П. Савелькин, В. А. Панин) ж-а бир уруктуу К-025 (Г. С. Степаненко ж. б.) респ-када 1982-ж. 16,6 миң *га* айдоо жерди ээлеген. Кант кызылчанын уругун кыргыз илимпоздору иштеп чыккан көчөтсүз өстүрүү методу өлкөдө биринчи жолу респ-канын үрөнчүлүк чарбаларында жайылтылган. Момо-жемиш б-ча илимпоздор ар кандай климат шартына ылайык момо-жемиш өсүмдүктөрүнүн 300дөн ашык сортун изилдешкен, о. ж-лык багбанчылыгынын зоналары чектелип, пальметта ж-а жапалак бак өстүрүү техникасы иликтелип, алар б-ча сунуштар киргизилген, тоо этек ж-а тоо зоналарында пымдуу топуракта сугатсыз эле момо багын өстүрүү мүмкүнчүлүгү аныкталган. Алма сортторун изилдөө иштери б-ча Америкада чыгарылган 2 сорту тоо этеги ж-а тоо зоналары үчүн райондоштурууга сунуш кылынган. Кара өрүктүн Тянь-Шань момолүү сорту Нарын обл-нда райондоштурулган (С. Г. Абдырахманов, Ю. Н. Лапшина). Момо-жемишчиликти өнүктүрүүдө илимпоздор Э. З. Гареев, У. Г. Аракельян, Е. И. Соснна ж. б-лар чоң салым кошушкан. Жашылчачылыкта да белгилүү ийгиликтерге жетишилген. 1972-ж. томаттын Кыргыз кеч сорту (В. Ф. Горбунов), капустанын Кыргыз ж-а Чоң баш сорту (А. С. Гизатова), картошканын Анар сорту (Г. С. Бизина) чыгарылган ж-а райондоштурулган. 1978-ж. Ысык-Көл тажрыйба станциясында картошканын саал эрте бышчу Челпек сорту мамл. сыноого берилген. Даамдуу, сапаттуу, илдетке туруктуу тамак-аштык картошка сортторун чыгаруу б-ча иштер жүргүзүлүүдө.

Дыйканчылык. Респ-када дыйканчылык б-ча бир кыйла илимий иштер жүргүзүлүүдө. Бул иштер 1956-ж. уюшулган Кыргызстан дыйканчылык инл. из. ин-тунда жүргүзүлөт. Ин-ттун дыйканчылык бөлүмү тажрыйба станцияларынын ж-а таяныч пункттарынын илимпоздору м-н бирдикте кант кызылча, пахта-беде, эгин-чөптү ферма айланасында которуштуруп өгүү иштерин иштеп чыккан (А. А. Бровкин, М. П. Макаров). Мол түшүм алуу агротехникасынын иштелип чыгышы сугат жердин гектарынын асылдуулугун 15—20%ке жогорулатууга мүмкүндүк берди. Кант кызылчаны, пахта, аштык ж. б-ны которуштуруп айдоо талааларын жер семирткичтер м-н азыктандыруу системасы иштелип чыккан (А. А. Кильчевский, Н. Г. Корпева, А. А. Бровкин, Ж. Акималиев, Н. Ибраимов, Н. М. Кузнецов ж. б.). Негизги а. ч. өсүмдүктөрүнө чачылуучу минерал жер семирткичтердин натыйжалуулугу изилденип, органикалык жер семирткичтерди сактоо ж-а пайдалануу методдору б-ча сунуштар киргизилген. Респ-када минерал жер семирткичтер 900 миң *га* жерге колдонулат. Которуштуруп ж-а бир түрдүү өсүмдүктөрдү айдоо системасынын таасири астында топурак күрдүүлүгүн жакшыртуунун теориялык негизи, топуракты иштетүү ж-а жер семирткич чачуу системалары, респ-канын негизги зоналарына сугат режими иштелип чыккан. Карбонаттуу топуракка азот жер семирткичтеринин, гумин жер семирткичтеринин, кант заводдорунун дефекция илайы м-н агынды суулары натыйжалуу пайдалануу б-ча изилдөө жүргүзүлүп, сунуштар киргизилген (Ж. Кожеков ж. б.). Сабак нематодасына, чырмоок ж. б. отоо

чөптөрго каршы агротехникалык ж-а химиялык чаралардын натыйжалуулугу, кызылча бити м-н желелеме көнөдөн коргоо б-ча иштер, кызылчачыл көпөлөктөргө каршы биол. методдор ж. б. изилденүүдө. Дан эгини м-н жашылча, жүгөрү, кант кызылча, пахта ж. б. өсүмдүктөрдү ж-а жыйноону комплекстүү механикалаштыруу талдалууда. Чүй өрөөнүндө, Ош, Талас, Ысык-Көл, Нарын обл-тарында, о. эле респ-када суунун пайдаланууга жагынан райондоштуруу иштелип чыккан (Б. Э. Санпов). Кант кызылча, пахта ж. б. өсүмдүктөрдү жамгырлатуу машиналары, ППА-165 сугат агрегаты, ийилгич түтүк, жөөк ж-а сифон-жөөк ыкмалары ж. б. м-н сугаруу технологиясы өндүрүшкө жайылтылууда.

1977-ж. а. ч-сын өнүктүрүүдө илимдин ролун жогорулатуу ж-а а. ч. өсүмдүктөрүнүн жогорку репродукциядагы үрөнүн, көчөт материалын, дыйканчылыктын башка продуктуларын чыгаруулуу арбыта турган эң патыйжалуу ыкмалар м-н технологияны жайылтуу, чарбалардын өндүрүш-финансы иштин жакшыртуу максатында Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-тунун базасында дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмеси түзүлгөн.

Шалбаачылык ж-а тоют камдоо. Кыргызстанда Совет бийлигинин жылдарында а. ч. илиминин шалбаачылык ж-а тоют камдоо сыяктуу жаңы тармагы түзүлдү. Тоют камдоо ж-дегү илимдин өнүгүшүнө Кыргыз ССР ИАнын биохимия ж-а физиология, биология ин-ттарынын, Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-тунун тоют бөлүмү (1978-жылдан Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмеси) ж-а респ-калык тоют тажрыйба станциясы(1967-ж. түзүлгөн), анын базасында 1976-ж. уюштурулган Кыргызстан тоют ж-а жайыт ил. из. технологиялык ин-тунун илимпоздор коллективи чоң салым кошкон.

И. В. Быходцев, Е. В. Никитина, Н. И. Захарьев, А. Н. Гусарова, Л. Я. Зонштейн ж. б. илимпоздор тарабынан жайыт м-н чөп чабынды өсүмдүктөрүн изилдөө б-ча, о. эле жайытта ж-а сугат жерде тоют камдоо технологиясын иштеп чыгуу б-ча көп жумуш аткарылган. Респ-канын илимпоз-селекционерлери Л. Я. Зонштейн, Т. Т. Дульский, М. Д. Романдина, Е. Н. Воронков, Г. А. Балян ж. б-лардын аракети м-н чанактуу өсүмдүктөрдүн 3 сорту (Ысык-Көл эспарцети, кызыл үй беде, Чолпон соясы), дан чөптөрүнүн 10 сорту (Маркин 18 ак сокторсу, Узынгыр кыякансыз түбү бош, Кыргыз шалбаа бетегеси, Маркин 23 көп чабымга райграсы, Маркин 24 жайыт райграсы, өчке мамык Маркин 27 тарак баш, Кыргыз шалбаа ат коногу, көп жылдык Кыргыз кара буудайы, кеч ж-а тез бышуучу Оргочор прутняны) чыгарылып райондоштурулган. Тоют өсүмдүктөрүнүн кургакчылыкка, ысыкка ж-а ылдеттерге чыдамдуу, түшүмдүү жаңы сортторун ж-а жайыт, о. эле чабынды жерлердин күрүч жогорулатуу, сугат жерлерде тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү ж-а жыйноо ыкмаларын жакшыртуу ж. б. б-ча көп иштер жүргүзүлүүдө.

Зоотехния. Респ-ка чейинки Кыргызстандын мал чарбачылыгы өтө жеткиликсиз болгон. 1917—20-жылдардагы каттоо б-ча 151 миң чарбанын 75 миңинде тукуму начар, кунарсыз мал асыралган. Малдын дээрлик бардыгы жыл бою жайытта багылып, кыш ж-а жаз мезгилинде жутка ж-а ылаңга көп дуушар болгон. Зоотехния ж-а ветеринария б-ча тейленген эмес. 1928-жылга чейин негизинен кылчык жүндүү күйрүктүү кой асыралган. 1928-жылдан узун жүндүү кочкорлор алып келип баштаган. 1928—41-жылдарда гана респ-канын колхоз ж-а совхоздоруна 19 миң мериное кочкор алынып келинген. Кылчык жүндүү кой узун жүндүү кочкор м-н аргындаштырылып, жерг. койдун кээ бир баалуу сапаты жокко баштаган. Мына ушуга байланыштуу 1931-ж. түзүлгөн Кыргызстан мал чарба ил. из. ин-ту кунардуулугу, чымырдыгы, тоо шартына чыдамдуулугу шайкеш узун жүндүү кой чыгаруу иштин жүргүзген. Бул максатка ылайык М. Н. Лушкин жетектеген илимпоздор чарбалардын адистери ж-а малчылары м-н бирдикте куйруктуу соолуктарды узун жүндүү кочкорлор (кавказ жаңы мериносу, рамбулье, прекос ж-а вюртемберг) м-н аргындаштырып, узак үзүрлүү иштегендигинин натыйжасында 1956-ж. кыргыз узун жүндүү коюн чыгарылган. Бул койдун ар биринен 4,0—4,5 *кг* жогорку сапаттуу узун жүн кыркылып алынат (Оргочор кой чарба тажрыйба станциясы, «Катта-Талдык», «Жоон-Добо» асыл тукум кой э-ддору). Кой эң эттүү (тубар койдун тирүүлөй салмагы 55—60 *кг*), респ-канын тоо-жайыт шартына чыдамдуу. Бул порода респ-кадагы койдун санынын көбүн же анын 90%ин түзөт (1978). Арзан кой этин, сапаттуу жүндү көп алуу ж-а бийик тоо жайытын туура өздөштүрүү максатында Г. И. Друженков, И. С. Друженкованын жетекчилиги астында Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын адистери м-н биргелеп 1966-ж. эт-жүн багытындагы жаңы кой породасы — тянь-шань чала узун жүндүү коюн чыгарылып, сыноодон өткөн. Бул кой дүйнө б-ча эң бийик тоодогу порода болуп эсептелет. Ал деңиз деңгээлинен 2 700 *м* бийикте багылып, катаал климат шартына чыдамдуу. Кочкорунун орточо салмагы 110 *кг*, тубар коюнуку 65—70 *кг*, ар бир койдон 3,8—4,0 *кг* жүн кыркылып, 70%ке чейин таза жүн чыгат. Респ-када бул койдун саны 600 миң (1978). И. М. Ботбаевдин жетекчилиги м-н Түш. Кыргызстандын тоолуу шартында алай коюн чыгарылып, 1982-ж. порода катары бекитилди. Бул кой килемдик агыш чала кылчык жүн берет. Койдун эң кунардуу 3 породасын чыгаруу жүндүн сапатын өзгөртүүгө мүмкүндүк берип, респ-ка кылчык жүндүн орддуна 98% узун ж-а чала узун, а. и. мериное ж-а кроссбред жүнүн алат. Кыргызстан койдун саны ж-а жүн алуу б-ча СССРде 3-орунду ээлейт.

Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-ту иштеп чыккан метод б-ча жерг. инекти швиц ж-а кострома букалары м-н аргындаштыруу аркылуу 1950-ж. ала-тоо ую чыгарылган (Н. И. Захарьев, А. С. Всяких, Ч. Алтыкеев, И. Бектембаев ж. б.). Бул үй чоң келип, инегинин салмагы 480—550 *кг*, букасиныкы 1000 *кг* ж-а андан да оор. Ар бир саан үйдүн орточо жылдык сааны 3200—3600 *кг* (Сокулук тажрыйба чарбасында 5000 *кг*), сүттүн майлуулугу 2,3%. 1950-жылдан респ-ка б-ча ала-тоо уюнун 100 миңден ашык асыл тукум торпогу О. Азия респ-каларынын чарбаларына, Монголияга, КЭДРге, Афганстанга сатылган. Линиялап өстүрүү, ургаал тандап аргындаштыруу аркылуу ала-тоо породасынын сүтү майлуу бадасы (500 туяк) түзүлүп, андагы сүттүү 167 инектен стандартка караганда 152—162% сүт көп саан алынып, сүтүнүн майлуулугу 0,45—0,50%ке жогору болгон. А. З. Квитконун жетекчилиги м-н үйдүн олуя-ата породасы чыгарылып, генеологиялык структурасы жакшыртылган. Моделдөө методу ж-а селекция белгилери б-ча тандап алуу м-н олуя-ата уюнун кунардуулугу артып, сүтү 444 *кг* көп болуп, майлуулугу 0,17%ке жогорулаган.

Кыргыз жылкысын таза кандуу мингич ж-а дон жылкысы м-н улам кайчылап аргындаштырып, андан кийин каалаган типтеги аргындарды тандап алып, оз үйүрүндө тукумдатуу жолу м-н 1954-ж. асыл тукум кыргыз жаңы жылкысы чыгарылган (И. Н. Чашкин, Ф. А. Приходько, Ч. Кудайбергенов, И. М. Кувшинов ж. б.). Бул жылкы тоо жайытына чыдамдуу. Келүк катары пайдаланылып, эт, кымыз алынып, абдан кирешелүү болгондуктан, респ-када өтө кеңири таралган.

Үй кушунун эт-жумуртка бершинин арттыруу максатында А. К. Каниметовдун жетекчилиги м-н узак убакыт бою изилдөө жүргүзүлүп, натыйжада эң кунардуу кыргыз тоогу чыгарылган. Мекиняны жылына 165—200 жумуртка туюп, тирүүлөй салмагы 2,8—3,4 *кг*, корозунуку 3,5—4,0 *кгга* жетет. Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-тунун үй кушун изилдөөчү илимпоздорунун 1950—81-жылдардагы ин-аракетинин жыйынтыгы коомдук күн чарбасын өнүктүрүүдө зор өйгиликтерге жетишилгендигин далилдейт.

Респ-канын мал чарбасында порода түзүүдө малды

колдон уруктандыруу методу чоң роль ойноодо. Ал айрым малдын кунардуулугун арттырууга ж-а азык-түлүгүнүн сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берди (Р. Э. Садыков, Э. К. Ибрагимов, В. К. Рабочев, О. Асанбеков ж. б.). Мал куудуруу б-ча приборлордун ж-а аспаптардын комплекси түзүлүп, минерал ж-а гормон препараттарды пайдалануу методдору, булардын баары малдын тукумчулдугун жогорулатууга багытталган жаңы методдор — урукту полипропилен түтүкчөлөрүндө тоңдуруу ыкмалары иштелип чыккан. Изилдөө кеңири жүргүзүлүп, малдын кунардуулугун арттырууга көмөк берүүчү туура тоюттандыруу ыкмалары, саан инекгерди, асыл тукум жаш малды тоюттандыруу системасы, койду ж-а козуларды жайытта семиртүү ж-а бордоо методдору иштелип чыгып, үй м-н койду протеин, углевод ж-а минерал заттар м-н тоюттандыруу нормалары таклалды (Г. М. Соловьева, В. С. Перелыгина, З. Д. Обухова, В. В. Ли ж. б.). *К. Абдымаликов, Н. Ибраимов*

Ветеринария. 1917-жылга чейин Кыргызстанда бир дагы ветеринариялык лаборатория же дарылоо жайы болгон эмес. Бар болгону ветеринариялык 9 участка иштеп, аларда Россиянын борб. белүгүнөн келген орус адистери иштеген. Респ-када малдын ылаңдарын такай изилдөө Улуу Октябрь рев-ясынан кийин гана башталган. База түзүлгөнгө чейин респ-кага малдын ар кандай инфекция ж-а инвазия ылацын изилдөө б-ча илимий экспедиция келип турган. Ошолордун бири К. И. Скрябин атн. Гельминтология ин-тунун проф. И. В. Орлов жетектеген экспедиция 1931-ж. «Кочкор» с-зунда койдун жаңы гельминтоз ылацы — скрябинематозду ташкан. 1927-ж. Фрунзе ш-нда алгачкы ветеринария-бактериология лабораториясы түзүлүп, ал 1940-ж. Кыргызстан ветеринария ил. из. тажрыйба станциясына айланган. Респ-када үй жаныбарларынын крайлык патологиясын такай изилдөө 1933-ж. Кыргызстан зооветеринария ин-ту, 1937-жылдан Кыргызстан айыл чарба ин-ту негизделгенден башталган. Бул жакка Москва, Ленинград, Казан, Алматы ж. б. шаардан жогорку квалификациялуу адистер келген.

Респ-када малдын инфекция ылацдарын изилдөө ж-а аларга каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгуу В. П. Тульчинская, С. Н. Анастасьин, А. А. Волкова, А. Я. Панкратов ж. б-лардын ысымдарына тыгыз байланыштуу. В. П. Тульчинская алгач колипаративдүү фагды даярдап, аны м-н дарылоо ж-а профилактика максатында музоо паратифине, колибактериозуна каршы колдонгон, үй брүцеллёзунун вакцинопрофилактикасы б-ча да көп иштеген. А. А. Волкова 1938-ж. Кыргызстанда койдун бир катар анаэробдуу инфекцияларды бар экендигин аныктаган. 30-жылдардан 70-жылдарга чейин ал койдун инфекция ылацдарын изилдөө б-ча пйгиликтүү эмгектенген. С. Н. Анастасьин респ-када жылкынын инфекциялуу энцефаломиелити (ИЭМ) м-н эпизоотиялык лимфангоитин диагноздоп, этиинин инфекция плевропневмониясын (ИПП) терең изилдеген. Кыргызстан ветеринария ил. из. тажрыйба станциясынын илимий кызматкерлеринин тобу (Р. С. Полковникова, С. П. Иванов, И. И. Смирнов) этиинин инфекциялуу плевропневмониясынын вирустуу штаммдарын лабораториядан алуу методикасын иштеп чыгып, ылацга каршы патыйжалуу вакцинаны даярдаган. Р. С. Полковникова м-н С. П. Иванов жылкынын ИЭМиндеги түрдүү штаммдарынын биологиясын изилдеп, алардын жаңы вакцинасы респ-када бул ылацды кыска мөөнөттө жоюуга жардам берген. А. Я. Панкратов тарабынан үй жаныбарлары м-н канаттууларынын брүцеллёзун изилдөө б-ча көп иш аткарылган. Ал брүцеллёздун эпизоотологиясында канаттуулардын ролун ачып, таза кан м-н агглютинация реакциясын жүргүзүү б-ча жаңы методду сунуш кылган. Бул багытгагы иштерди Н. С. Вождаев пйгиликтүү улантууда. К. Рыскулов козунун жаңы ылацын — «жумурдун шишигин» мүноздогон. Т. Жамгырчиева анаэробдуу микрофлораны изилдеп, инеги таякчаларынын штаммдарын серология жактан типтештирген.

Кыргызстанда ветеринариялык вирусология тармагында да кеңири изилдөө жүргүзүлүүдө. Ц. Ц. Хандуев, Э. Д. Иманов ж. б-лар дүйн. практикада биринчи жолу койдун контагиоздуу эктимасына каршы патыйжалуу вакцинаны чыгарган. Аны көй чарбасында колдонуу козуларда некробактериоздон аман сактап калууга алып келген. Ш. Сукеев, К. Рыскулов ж. б-лардын койдун вирустуу инфекциясынын эпизоотологиясына кошкон салымы да бир кыйла. Окумуштуулар шарптын крайлык эпизоотологиясын да изилдөөдө (С. Н. Анастасьин, С. П. Иванов, И. М. Беспалов ж. б.). Респ-каныи үй ж-а жапайы жаныбарларынын гельминтофаунасы м-н гельминтоздорун пландуу изилдөө академик К. И. Скрябиндин ж-а анын окуучуларынын ысымына байланыштуу. 1938-ж. С. Л. Роберман, П. А. Косминский Кыргызстандагы малдын негизги гельминтоздорун изилдей баштаган. 1940-жылдан 70-жылдарга чейин Н. Е. Шкодин пйгиликтүү эмгектенген. Ал Ч. В. Арсланов, Б. Касымбеков ж. б-лар м-н койдун ж-а үйдүн негизги гельминтоздорун изилден, аларга каршы күрөшүүнүн бир катар чараларын иштеп чыгып, сунуш кылган, бир нече химия-терапия препараттын антигельминттик активдүүлүгүн сынаган. Респ-када гельминтофаунаны системалаштыруу ж-а жаңы түрлөрүн табуу жагында Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-ту (Б. Г. Масипо, В. Г. Гагарин, Н. Абласов, К. Ыксанов, М. Токобаев ж. б.) иштеген.

Респ-када ветеринариялык протозоологиянын пландуу изилдөөлөрүн 1938-ж. Б. И. Цветков м-н С. Аманжулов баштаган. Жылкынын кан мите ылацы кеңири иликтелүүдө (И. С. Авессаломов ж. б.). Жылкынын учунуусун паганин, соварсен ж-а соварсен-фуранилин м-н дарылоо методун иштеп чыгуунун патыйжасында респ-када жылкыны учунуу ылацынан арылтууга жетишилди. Бул тармактагы илимий изилдөө — И. С. Авессаломовдун «СССРде ай тулктуулардын учунуу ылацы» аттуу монографиясында жыйынтыкталган. Үй жаныбарларынын пираплазмидоздорунун крайлык эпизоотологиясын терендетип изилдөө ж-а аларга каршы жаңы химия-терапия препараттарын колдонуунун патыйжалуу чараларын иштеп чыгуу респ-кадагы үй м-н жылкы тейлериозун ж-а пироплазмоз эпзоотиясын жоюуга алып келди (С. С. Вечеркин, А. Дүйшеев ж. б.).

Респ-када үй жаныбарларынын, канаттуулардын экстомителүү ылацдарын изилдөө (Р. В. Гребенюк, А. П. Камарли, Л. Ф. Ромашева, С. Касиев, С. К. Сартбаев, А. Тугапбаев ж. б.) кеңири жүргүзүлүп, койдун ала куртун (вермиспиллёзун), үйдүн ж-а майда жандыктын гиподерматозун жоюу б-ча кыйла пйгиликтерге жетишилди, о. эле башка айрым эктомоздор м-н арахноздорго каршы күрөшүү б-ча экология-биология жагынан негиздүү сунуштар киргизилди. Малдын морфологиясы ж-а ветеринария хирургиясы тармагындагы изилдөөлөрдүн да маанисн чоң. А. Ф. Ханжин иштеп чыккан координаталык-фигуралык метод биздин өлкөдөн тышкары алыскы жактарга белгилүү. Ал биоморфологиялык изилдөөлөрдө кеңири колдонулат. Анын жардамы м-н ткань, орган ж. б. структуралык түзүлүштөрдүн жайгашуусун оңой эле аныктоого болот. А. Ф. Ханжиндин методун колдонуу м-н анын окуучулары Х. Жайлов, В. Б. Скрынников, М. А. Жантемиров ж. б. үйдүн, койдун башынын, ич көндөйүнүн ж-а жамбаш чарасынын топографиялык анатомиясын иштеп чыккан. С. П. Иванов кулундун компрессиялык сакоо стеноздорун активдүү хирургиялык жол м-н дарылоо методун иштеп чыккан. Малдын капынын, тоют сицирүүсүнүн ж-а зат алмашуусунун физиология маселеси айрык жагынан пйгиликтүү иштелип чыгууда (А. А. Морозов, Р. Н. Одинец, В. В. Ли, М. Иманалиев, А. Канимстов, Д. Б. Аманбаев, Э. М. Токобаев, М. Айтуганов, А. Ф. Докукин, Е. Илебезова, П. П. Валуйский ж. б.).

Малдын гинекологиясы тармагында үйдүн трихомоноз изилденип, малдын айрым гинекологиялык ылацдарын дарылоо ж-а диагноз коюу б-ча бир катар метод-

дор м-н ыкмалар ветеринариялык практикага жайылтылды (З. А. Акатов, Э. К. Ибрагимов), койду алыскы жайыт шартында колдон уруктандыруу методдоруна жакылыктар киргизилди (Э. К. Ибрагимов ж. б.). Жылыс системасынын гипофункциясында стерилдүү антиовариалдуу цитотоксиндик кан сары суусун даярдоо ж-а колдонуу ыкмалары сунуш кылынды (В. К. Рабочев, А. И. Родина). Малдын гигиенасы респ-канын илимпоздорунун коңулун дайыма бурууда. Малдын ыландабашына ж-а кунардуулугуна синтездик азоттуу заттардын таасир тийгизиши, Чүй ороонундогу ачык суу булактарынын ветеринария-санитариялык абалы, О. Азиянын шартында жаныбарларды асыроонун санитария-гигиеналык режими изилденди (Г. В. Буксор, С. Жумамүдүнов, О. Т. Валуйская ж. б.), Кочкор, Тогуз-Торо ж-а Шамшыкал кендериндеги хлорлуу патрийдин табигый туздарына санитария-гигиеналык жактан баа берилди (С. Турманбетов, В. Вечеркина ж. б.). Жаш малдын диспепсиясын алдын алуу ж-а дарылоо үчүн атайын гаммаглобулиндер ж-а ичеги таякчасынын жерг. серотиптерине каныккан вакцина сунуш кылынды (М. Иманалиев).

Респ-када малдын ыландарын патоморфологиялык изилдөөнү Х. Ш. Альмеев баштаган. Ал жылкынын маңкасынын билинбеген формасына алгач прет диагноз койгон, уйдуң паратуберкулёздуу энтеритин изилдеген, өчкинин инфекциялык плевропневмониясынын (ИПП) патогенезинде нерв системасынын ролун аныктаган, койдун жайытта учугушуна патоморфологиялык мүнөздөмө берген. Кой м-н өчкинин өпкө патологиясы (Т. Мукамбаев, В. М. Митрофанов, Н. М. Ярцев, В. М. Стетенко ж. б.), кой, өчки ж-а топоздун жугуштуу ыландарынын патоморфологиялык диагностикасы (И. С. Егошин, Ю. К. Шергин, Э. В. Ведомский, М. А. Искембаев, А. Т. Перегудов ж. б.) б-ча терең изилдөөлөр жүргүзүлгөн. В. М. Митрофанов СССРде биринчи болуп койдун лимфоиддүү лейкозуна диагноз коюп, мүнөздөп жазып чыккан. Кыргызстанда алгач уйдун миелоиддүү ж-а лимфоиддүү лейкоздорун ташкан.

Кыргызстандын окумуштуулары ветеринария фармакологиясы м-н токсикологиясына да олуттуу салым кошкон. Койдун жазгы ж-а жайкы жайытта учугушуна себептерин аныктоо б-ча негиздүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Так лабораториялык, эксперименттик ж-а клиникалык изилдөөлөр аркылуу малдын жайыттагы токсикоздорунун пайда болушунун негизги себептери ж-а механизмдери аныкталып, малды жугуштуу энзоотиядан алдын алуу ж-а дарылоо теориясы түзүлүп, принциптери иштелип чыккан. Изилдөөлөрдүн натыйжалары А. Алдашевдин «Малдын жайыта уу коргошундан учугушу...» аттуу монографиясында жыйынтыкталган. Кыргызстандын тоо жайыттарындагы бир катар уу чөптөрдөн малдын уулануу себептерин аныктоого (А. Алдашев, М. П. Трабунский, В. М. Серов ж. б.), турукту хлорорганикалык пестициддердин токсикологиясына, алардын миграциясына, региондун түрдүү экосистемаларында топтолушуна (А. Алдашев, С. Жумамүдүнов ж. б.) көптөгөн эмгек арналган.

Ветеринария фармакологиясы б-ча теориялык изилдөөлөр ж-а иштеп чыгылган сунуштар чет өлкөлөргө да белгилүү. Медициналык ж-а ветеринариялык дарылоо практикасында синтездик келекарлик, ароматтык заттардын катары пайдаланылууда (А. Алдашев). Көйдү молекулосодорун дарылоо үчүн жез ж-а катрайдын карбонат-мышьяктуу туузу (КМИН) кеңири колдонууга фармакотоксикологиялык негиздөөлөр берилген (А. Алдашев, А. Осмонов). Өсүмдүк сырьесунан алынган дем алуу органдарынын аппараттарын ж-а малдын гельминтоздоруна каршы күрөштүү үчүн натыйжалуу антгельминттерди алуу ж-а иштеп чыгуу максатында синтездик бирикмелер изилденүүдө (А. Алдашев, А. Бейшембаев, С. Б. Мусинова, А. Осмонов, К. Б. Уметалиев, Э. К. Ведомский, И. А. Рахимов ж. б.). А. Алдашевдин «Уу коргошун» (1979) монографиясы дем алуу органдарынын аналептиктери б-ча көп жылдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Ал чет өлкөлөрдүн фармакологдору м-н токсикологдорунун жогорку баасына татыктуу болгон. Респ-канын окумуштууларынын ветеринариялык фармакологиянын жаңы тармагы — зат алмашуунун ж-а тоют коштундуларынын фармакологиясына көшкөн салымы да бир кыйла. Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында 1979-ж. «Кой үчүн премикс фармакологиясы» аттуу зооветеринария адистери үчүн колдонмо (А. Алдашев ВАСХНИЛдин академиги И. Е. Мозгов м-н бирге) басылып чыккан. 70-жылдарда ветеринария б-ча илимий изилдөөлөр Кыргыз ССР ИАнын, Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинин жаңы жабдыкталган лабораторияларында ж-а Кыргызстан а. ч. ин-тунун ветеринария факультетинин кафедраларында жүргүзүлгөн. Жеке респ-калык маанидеги гана эмес, о. эле жалпы союздук маанидеги теориялык ж-а практикалык проблемалар иштелип чыгууда. Респ-канын илимий ж-а элдик ветеринариясынын тарыхы б-ча изилдөөлөр өнүгүүдө. Ветеринария маселелери б-ча илимий эмгектер орус ж-а кыргыз тилдеринде дайыма жарыяланып турат, чет өлкөлөрдө да басылып чыгат.

А. Алдашев

Медицина илимдери. Кыргызстанда саламаттык сактоонун негизги акырындык м-н Окт. рев-ясынын жеңишинен кийин түзүлө баштайт. Респ-када саламаттык сактоонун өнүгүшүндө А. А. Айдаралиевдин салымы чоң. Медициналык профилдеги атайын илимий мекемелердин, айрыкча КММИнин (1939) ачылышына ж-а илимий кадрлардын калыптанышына жараша респ-када илимий иштер пландуу жүргүзүлө баштады. Ал баарыдан мурда кеңири таралган инфекциялык ж-а мителик жугуштуу оорулардын (безгек, бруцеллёз, басма, кайталанма, ич келте ж. б. инфекциялык коркунучтуу оорулар) таралышына каршы багытталган. Бул оорулардын үйрөнүү, уюштуруу чараларын иштеп чыгууга өбөлгө түзгөн. Ал чараларды ишке ашыруу респ-када инфекциялык ж-а мите ооруларын кескин түрдө азайтууга, андан кийин жок кылууга алып келди. Бул мезгилде медицина илимине А. Ф. Яковлев, Д. М. Масленников, Н. С. Брудастов, К. С. Нигматуллин ж. б. зор салым киргизишти. Согуштан кийинки жылдарда респ-канын окумуштуулары ичеги ооруларынын таралышында климаттык факторлордун ж-а иммунологиялык реактивдүүлүктүн ролун үйрөнүүгө көңүл бурушкан. Ичеги инфекцияларынын формаларынын бирин дарылоо үчүн П. А. Алексеев ж. б. окумуштуулар терапиянын үч циклдүү жолун иштеп чыгышкан. Кандидоздук кабылдоолорго өз убагында диагноз коюу ж-а аларды натыйжалуу дарылоо ичеги инфекциясында дарылоо-алдын алуу чараларынын таасирдүүлүгүн жогорулатууга алып келди. Кыргызстандын түштүгүндө оорулардын табигый очокторун изилдөөнүн жүрүшүндө Ку-лихорадка (Т. Л. Прорешная) катталган, Кемин р-нунда кене энцефалити, орнитоздун булактары (И. А. Гонтарь) табылган. Климаттык-географиялык шарттардын бөтөнчөлүү, мык булактардын, дары баткактардын кеңтүү илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларына негизделген курорттук-санаторийлик жардам берүүнүн өнүгүшүн шарттады. Респ-када курортологиялык жардам берүүнүн пайда болушуна респ-канын тоолуу санаторийлеринин шарттарында бальнеологиялык факторлордун натыйжасынын бөтөнчөлүгүнө кеңүл бурушкан М. Е. Вольский ж-а анын кызматкерлеринин эмгектери чоң. Кыргызстандын курортторуна дарылануунун жагымы ж-а жакпаган жактарын, климаттык ж-а бальнеологиялык дарылоонун принциптерин негиздеген илимий иштери акыл ары өзгөчөлүүдө Кыргызстан курортология ж-а физиотерапия ил. из. ин-тунун ачылышы маанилүү роль ойноду (биринчи директору Б. В. Бабаянов). 70-жылдарда ешө, таяныч-кыймыл аппаратынын оорусуна жана чыгыш кан ооруларын курортторуна ж-а санаторийлерине дарылануучулар. 80-жылдарда

орто бийиктиктеги тоо райондоруна кардиологиялык профилдеги адистештирилген санаторийлерди түзүү белгиленген. Респ-када бронх астмасы м-н ооругандарды тоо климаты м-н дарылоо принциби иштелип чыгып, сунуш кылынган (М. М. Миррахимов).

Жүрөк-кан тамыр системасынын физиология ж-а патологиясы б-ча изилдөөлөр 50-жылдарда башталган. Окумуштуулардын күч-аракети Тянь-Шань м-н Памирдин бийик тоолуу райондорунда жашагандардын жүрөк-кан тамыр системасынын иштөө өзгөчөлүгүн аныктоого багытталган. 2—2,5 *км*ден ашык бийиктикте узакка жашоо өпкөнүн артерия басымынын жогорулашы, жүрөктүн оң жак бөлүмдөрүнүн гипертрофиясы, айланган кандын массасынын көбөйүшү м-н коштолоору аныкталган (М. М. Миррахимов, А. Жайлобаев, Б. Я. Гриштейн, Р. И. Руденко, О. Н. Нарбеков, Т. Мураталиев, Р. О. Хамзамулин ж. б.). Адамдар капчалык бийик жерде жашаса, бул өзгөрүүлөр ошончолук көбүрөөк кезиккен. Жүрөктүн сол ж-а оң карынчаларынын түз жердегиге караганда башкача режимде иштей тургандыгы түшүндүрүлдү (З. М. Кудайбердиев, Т. Мураталиев); тоодо жашагандардын кан бездеринин функциясы көп учурда төмөн боло тургандыгы аныкталды (И. Т. Калюжный); жүрөк-кан тамыр системасынын иштешиндеги ботончолукторго карабастан, жүрөктүн ишемиялык оорусу ж-а гипертониялык оору сыяктуу кеңири таралган оорулар тоодо жашагандарда салыштырмалуу азыраак жолугат (Т. С. Мейманалиев). Экспериментгик (М. Алиев, З. С. Моисеев) ж-а клиникалык байкоолордон (В. А. Брейдо ж. б.) адамда гипертониялык оорунун башталыш стадиясында орто бийиктиктеги климатологиялык терапиянын натыйжалуулугу негизделди. Окумуштуулардын изилдөөлөрү миокардын катуу кармаган инфаркты м-н ооругандарды этап м-н дарылоонун илимий негизделген системасын түзүүгө өбөлгө болуп, ушул оорунун өлүмгө алып келүүсүн 3 эседен көбүрөөк төмөндөттү. Жүрөктүн диртилдөөчү аритмиясында кандын басымын өлчөөнүн оригиналдуу кансыз жолу иштелип чыкты (М. П. Редлих). Адамдын организмине тоонун климаттык шарттары оң таасирден тышкары, биринчи кезекте жүрөк-кан тамыр системасына тескери таасир тийгизээри аныкталган. 1971-ж. адамдын бир катар адаптация оорулары сыпатталып жазылып, системага салынган ж-а аларды дарылоо, алдын алуу жолдору сунуш кылынган (М. М. Миррахимов).

Республикада ревматизмдин клиникасынын (М. П. Редлих, И. М. Фунт, Н. Я. Юсупова) ж-а таралышынын (Я. М. Руппа) өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү ревматологиянын калыптанышына өбөлгө болду. Тоолуу шартта оорунун күчөшү организмдин иммунобиологиялык касиеттери көп анчалык өзгөрбөгөн учурда болот (Р. З. Саалиева), ал эми клапандык митралдык жетишсиздикте жүрөктүн кемчилдиги (Н. Я. Юсупова, А. Жайлобаев), өпкөт жүрөк ооруларынын (Д. Н. Истамбекова) оор өтүшү мүнөздүү болгондуктан дарылоо чараларынын көлөмүн тийиштүү түрдө кайрадан уюштуруу талап кылынат. 1977-ж. Кыргызстандын кардиология ил. из. ин-ту ачылып, ал өзүнүн күч-аракетин тоолуу шарттарда жүрөк-кан тамыр системасынын маселелерин иштеп чыгууга ж-а аларды алдын алууга, жүрөктүн кемтеп чыгууга ж-а аларды алдын алууга, жүрөктүн кемчилдигинин башталыш стадияларын аныктап билүү методдоруна ж. б. багыттаган. Респ-када гастроэнтерологиялык профилдеги бир катар болумдөр иштейт. Аларды түзүүдө М. Е. Вольский, Б. И. Ахунбаева, А. У. Айткулова, И. М. Фунт, И. Т. Калюжный, Г. К. Телтаеванын изилдөөлөрү тийиштүү ролду ойноду.

Гематологиянын өнүгүшүнө тоо-климаттык шарттар кызыл кандын пайда болушун күчөтүшүн далилдеген изилдөөлөр өбөлгө түздү (А. Райымжанов, Н. Я. Юсупова, А. Ю. Тилис ж. б.). Тоолуктардын канында кызыл кандын пайда болушун күчөтүүчү атайын заттар — эритропоэтиндердин саны көбүрөөк экендиги белгилүү болду. Ошондуктан аз кандуулукту натыйжалуу дарылоо максатында тоодо жашагандардын капын куюу сунуш кылынган. Тоо гипоксиясынын кызыл канды көбөйтүүчү таасиринин фактысы бийик тоо адаптациясын аз кандуулуктун айрым оор формаларын дарылоо үчүн пайдалануу ж-дегү сунуштун негизи болуп калган. Аны А. Райымжановдун көп жылдык байкоолору ж-а А. Алмерекованын тажрыйбалары кырастады.

Эндокринологиянын проблемаларын И. К. Ахунбаев, У. Байзаков, И. Т. Калюжный, В. Г. Бажанов ж. б. изилдешкен. Респ-канын калкынын арасында эндемиялык богоктун таралышы йоддук профилактиканы пландуу киргизүүнүн натыйжасында олуттуу түрдө төмөндөдү. Б. Ф. Малышев калкан бездеринин жашка жараша өзгөрүүсүнө мүнөздөмө берип, аның чоңоюшу организмдин жашоо шарттарына, асыресе, йоддун жетишсиздигине ыңгайлашкандыктын натыйжасы экендигин аныктаган. О. эле бийиктик гипоксиясынын таасиринен калкан бездеринин көлөмү чоңоюшу мүмкүн (А. А. Браун, К. М. Акылбеков).

Пульмонология проблемаларына өпкөнүн эхинококкозун (Н. И. Ахунбаева), өпкөт сезгенишин (Д. Н. Истамбекова, Ж. С. Дубинина, А. Д. Рафибеков) изилдөө арналган. Тоолуктарда өпкөнүн өпкөт оорусунун өзгөчөлүктөрү болот. Буга кандын газ алмашуу ж-а коагуляциялык касиеттеринин өзгөрүүлөрү кирет. Бийиктикке которулган ж-а дайыма тоодо жашаган адамдарда дем алууну башкарын турган четки ж-а борб. түзүлүштөрдүн кайрадан курулушунун патийжасында дем алууну жөнгө салуунун өзгөрүүлөрү байкалган (М. М. Миррахимов, Т. Ф. Калько). Педиатриянын онүгүшү ири клиницист ж-а окумуштуу проф. Б. Ф. Шагалдын ысмы м-н байланыштуу. Ымыркайлардын оорулары (Б. Ф. Шаган), бронх-өпкө оорулары (Н. М. Красногор, Д. А. Нарбекова ж. б.), ревматизм (Р. Ю. Ташматова), геморрагиялык васкулит (А. А. Ильин) б-ча изилдөөлөр кеңири таанылган. Балдардын организминин онүгүшү (П. П. Афанасенко, К. Кожоназаров, Б. Асанбаев, М. Жунусов) кан системасынын патологиясы ж-а аны дарылоо (Н. Ф. Алексеенко, Д. К. Кудаяров), аллергиялык оорулар (Т. И. Покровская, Г. А. Комаров, В. П. Станкова) изилденген. Педиатрия б-ча ил. изилдөөлөрдү андан ары оорчүтүү ж-а терендетүүдө Эненикти ж-а балалыкты коргоо ил. из. ин-тунун (азыр Акушердик ж-а педиатрия ил. из. ин-ту) ачылышы (1961) чоң комок болду. Төротко жардам берүү проблемалары иштелип чыкты (С. Л. Кейлин, Л. Е. Гуртовой, М. Н. Лехтман, Н. И. Булатова, И. М. Лебедева). Кош бойлуулуктун акырында ж-а төрөт учурунда эненин кан жоготушунун түйүлдүктүн, ымыркай баланын абалына, толгоо ж-а төрөт аномалиясынын пайда болушуна тийгизген таасирин, кош бойлууларда токсикоздун өнүгүшүнө аутоиммундук процесстердин ролун аныктоо, эненин ж-а баланын өлүмгө учурашын төмөндөтүүчү дарылоо-алдын алуунун айрым иш-чараларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

Хирургия б-ча Кыргызстанда иштелип жаткан илимий багыттардын арасынан богок бездерин (И. К. Ахунбаев ж. б.), от баштыгын (М. Е. Фридман, М. Мамакеев, З. Игембердиев), карындагы ж-а он эки эли ичегидеги жараны (К. Р. Рыскулова, Л. М. Зубехина), өпкөнү (Н. И. Ахунбаева) хирургиялык жол м-н дарылоо кеңири белгилүү. Жүрөк ж-а кан тамырлар хирургиясын өнүктүрүүдө И. К. Ахунбаевдин ж-а аның окуучуларынын (С. Жошубаев, А. Н. Маралов, У. Байзаков, М. Намазбеков ж. б.) сицирген эмгеги зор. Балдардын гематогендик остеомиелити жакшы изилденип, аны дарылоонун комплекстүү методу иштелген (В. С. Конопов).

Рак оорусунун ар түрдүү формаларынын таралышы (А. И. Саенко, А. Ильязов, Т. Жумабаев ж. б.), лейкоздор (С. А. Рахимова), алардын пайда болушунда канцерогендик заттардын ролу (А. М. Зайцев, Ш. Исаков ж. б.) изилденди. Карындын рак оорусун изилдөө (А. Н. Круглов ж. б.) ж-а аны дарылоонун хирургия-

лык методдорун(А. И. Саенко) өркүндөтүү өтө маанилүү маселе. Айрыкча Кыргызстан онкология ж-а радиология ил. из. ин-ту ачылгандан (1959) кийин онкологиянын көп кырдуу проблемалары иштелди.

Психиатрлардын изилдөөлөрүндө жин ооруларынын айрым формаларын тоо климаты м-н дарылоонун критерийлери негизделген ж-а иштелген (Н. В. Канторович, Б. Н. Дегтярёв, В. В. Соложенкин ж. б.). Бацилликти алдын алуу ж-а дарылоо изилденди (А. И. Дурандина). Неврология багытында токсоплазмоз ж-а андагы мээнин бузулушу (А. Ф. Усманова), борб. нерв системасынын шишигинде ликвордун өзгөрүшү ж. б. (А. Мурзалиев) изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Оториноларингологдор дүлөйлүктүн пайда болушунун себептерин ж-а дарылоону терең изилдешкен. Атап айтканда, угуу нервдеринин невриттеринде витамин алмашуунун бузулушунун мааниси изилденип, начар уккандарды никотин кислотасын венага куюу м-н дарылоо сунуш кылынган (А. Л. Брудный).

Окулисттердин изилдөөлөрү трахоманы пландуу дарылоону уюштурууга мүмкүндүк берди, патыйжада ал оору бир топ азайды (О. А. Дудинов).

Микробиология тармагындагы изилдөөлөрдүн натыйжасында тирүү авирулентгик БЦЖга терең мүнөздөмө берилди ж-а запастык штамм катарында иммуногендик жогорку сапаттарга ээ Н-37ª, «Академия», «Франк» культуралары сунуш кылынды (С. И. Гельберг, Ш. Ю. Алжамбаев, Е. А. Финкель, Ж. Молдокматов ж. б.). Туберкулёздун таралышына мүмкүндүк берүүчү факторлор түшүндүрүлдү. Дарылоонун комплекстүү методдорунун иштелип чыгышы (Л. А. Франк, П. М. Фукс, А. А. Асамбаев), алдын алуу ж-а уюштуруу чаралары (В. А. Петросьянц) туберкулёз оорусун ж-а андан өлүмгө учуроону кескин түрдө кыскартты. Бута Кыргызстан туберкулёз ил. из. ин-тунун ачылышы олуттуу көмөк көрсөттү (1957). Балдардын туберкулёз менингитин ж-а анын патыйжасын узакка үйрөнүүнүн жыйынтыгы өтө маанилүү (Т. И. Покровская). Силикозду ж-а силикотуберкулёзду экспериментгик үйрөнүүдө андагы аллергиянын ж-а аутоиммундук процесстердин мааниси аныкталды (М. И. Китаев). Республикада микробактерияларды бөлүп алуу үчүн атайын лиофилденген азыктуу чөйрө түзүлгөн. Туберкулёзду гиалуронидаза ж-а туберкулёзго каршы дарылар м-н патогенездик дарылоонун айрым жаңы ыкмалары иштелип чыккан (Г. В. Хитрина).

Физиологиялык изилдөөлөр климаттык-географиялык чөйрө эсепке алынып жүргүзүлдү. Кыргызстандын окумуштуулары электропатологияда, күйүк травмасында, канды көп жоготууда өнүгүүчү «коркунучтуу кырдаал» проблемасына көп баалуу салымдарды кошушту. Шашылыш диагностика методдору такталып, сунуш кылынды, аларды дарылоо үчүн айрым жаңы ыкмалар иштелип чыкты (Г. Л. Френкель, М. Алиев, К. Ажыбаев, Э. Саалиев). Өтө ысып кетүүнүн классификациясы берилди, анын патофизиологиясы ж-а дарылоонун айрым жолдору иштелди (А. Ю. Тилис).

Фармакология тармагы б-ча Кыргызстанда өсүүчү өсүмдүктөрдөн жасалган 20дан ашык дарылар изилденди (М. И. Ольшанский, Е. А. Стегайло, И. Ш. Забиров, Н. К. Нигматуллина, П. И. Лукиенко). Стахистин түрлөрү акушердик-гинекологиялык практикада кеңири колдонууга эө болду. Сасык тармал чөптөн алынган алкалоид гипертония ооруларын дарылоого пайдаланылат. Ликорин какырык чыгаруучу каражат катары ийгиликтүү колдонулууда (А. Алтымышев). Кийинки жылдарда бийик тоолуу шарттарда фармакологиялык каражаттардын таасирининн ботончолуктору изилденүүдө (М. Т. Нанаева, Э. Ажыкулов ж. б.).

Адамдын морфологиясы б-ча практикалык олуттуу мааниси бар иштер жүргүзүлгөн (И. Г. Мардерштейн, Б. В. Парин, А. И. Шеров, Э. Е. Бердибаев, Н. Н. Лавров). Алар организмдин бир катар органдарын ж-а системаларынын морфологиясын, алардын иннервациясын ж-а кан м-н жабдылышын кошо аныкташты. Оригиналдуу ыкмалар м-н коллатералдык кан айлануу изилденген (А. А. Лейтес, А. Ашырбаев, К. Кенепбаев ж. б.). Органдардын регенерациясы ж-а трансплантациясы атайын изилденген (А. А. Браун, М. И. Ефимов, М. Айманбетов, К. М. Акылбеков ж. б.). Алар бийик тоо гипоксия шартында терилерди жамаштырганда биригин өсүүсү мүмкүн экенин, регенерациянын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшкөн. Жогорку квалификациялуу кадрлардын өсүп чыгышы илимий изилдөөлөрдүн патыйжалуу болушуна жардам берди. Бир катар медициналык кызматкерлер Кыргыз ССР ИАнын академиктери, СССР МИАнын корр. мүчөлөрү, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөлөрү болуп шайланган. 14 окумуштууга «Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген иштмер» деген ардактуу наам берилген. СССР МИАнын корр. мүчөсү, Кыргыз ССР ИАнын академиги М. М. Миррахимов СССР ж-а Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыктарына, СССР МИАнын корр. мүчөсү, Кыргыз ССР ИАнын академиги И. К. Ахунбаев, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөлөрү Л. Г. Френкель, А. Алтымышев, КММИнин доценти М. Намазбеков Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан.

М. М. Миррахимов

ТЕХНИКАЛЫК ИЛИМДЕР

Тоо-кен иштери. Кыргызстандын аймагында тоо-кен промысели байыртан эле башталган. 7—12-к-дарда Фергана өрөөнүнө чектеш жаткан тоолуу райондордо, Сары-Жазда, Талас ж-а Чаткал өрөөндөрүндө алтын, кумуш, жез, калай, сымап, сурьма, коргошун ж-а темир казылып алынып турган. Кенди казып алуу жер үстүнөн ачык ж-а жер астынан 20—25 *м*ден 60—80 *м*ге чейинки терендикте жүргүзүлгөн. Руда адатта кен казылган жерде иштетилген. Татаал тарыхый шарттарга байланыштуу узакка созулган үзгүлтүктөн кийин 19-к-да гана тоо-кен промысели кайрадан жандана баштайт. 60-жылдардын аягында Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү көмүр, Майлы-Сай нефть кендери иштетиле баштаган. Көмүр ө. ж-ның өркүндөшү м-н Кыргызстанда тоо-кен иштери алгачкы беш жылдыктарда жолго коюла баштаган. 30-жылдарда түстүү металлдардын рудасын казып алуу башталып, согуштан кийин респ-канын түстүү металлургиясы (айрыкча аның сымап-сурьма тармагы) жалпы союздук мааниге ээ болот. Бута удаалаш маанилүү бир топ курулуш материалдары да (гипсолиттер, каптоочу такталар, темир-бетон) алына баштайт. 70-жылдары респ-када жаратылыш таштары (мрамор, гранит, сиенит) казып алуу өнүгө баштаган. Майлы-Сай, Избаскен, Чатыр-Таш кендеринде нефть, Избаскен аймагынан газ алынат. Респ-канын тоо-кен иштетүү ө. ж-ның өнүгүшү А. М. Масалиев, В. Ф. Бодин, А. И. Лелеко, Л. С. Ельник ж. б. (көмүр ө. ж.); С. Г. Моисеев, В. Я. Тимошенко, Г. П. Кудряшев, О. Б. Пономарев, Н. М. Лунин, М. М. Айбалаев, А. А. Кайзер, К. Керимкулов, Т. Койчукулов (түстүү металлургия) ж. б-ның ысымдары м-н тыгыз байланышкан. 50-жылдары респ-када тоо-кен профилиндеги биринчи илимий бөлүм ж-а окуу жайлар түзүлөт: Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун составында — Тоо-кен иштери ж-а металлургия бөлүмү; Фрунзе политехника ин-тунун тоо-кен-геология факультети. Кыргыз ССР ИАда бул багыттагы илимий мекемени уюштурууда А. А. Адышевдин эмгеги зор. 1960-ж. Тоо-кен иштери ж-а металлургия бөлүмүнүн базасында Тоо тектердин физикасы ж-а механикасы ин-ту уюшулган. Мында негизги 4 илимий багыт түзүлгөн: тоо тектер м-н массивдердин механикасы, тоо тектердин жардыруудан талкалануусунун физикалык негиздери, кендерди иштетүүнүн техникасы ж-а технологиясы, геомеханикалык приборлорду куруу. Тоо тектер механикасы тармагындагы изилдөөлөрдү өнүктүрүү С. Г. Авершиндин ысмы м-н тыгыз байланышкан. Кийин бул багыттагы изилдөөлөрдү И. Т. Айтматов жетектөөдө. Ин-тта тоо тектер механикасынын ар кандай багыттары б-ча изилдөөлөр М. К. Термечиков, К. П. Шкурина (тоо тектердин реологиялык ж-а физика-мех. касиеттери); Н. Г. Ялымов, В. Я. Степанов, Т. Ж. Жороев, В. Х. Гришина (тоо тектери ачык жаткан жерлердин бекемдиги); И. Т. Айтматов, К. Д. Вдовин, Т. С. Бекназаров, В. А. Мансуров (тоо силкинүүсүнүн табияты ж-а аны алдын алуу) тарабынан жүргүзүлгөн. Тоо тектердин жардыруудагы талкалануусунун физикалык негиздерин изилдөөнү Е. Г. Баранов, В. И. Мосинец уюштурып ж-а өнүктүрүп, андан ары И. А. Тангаев, М. Н. Лейцин, С. Б. Барсанаевдер улантkан. Руда кендерин жер астынан казып алуу технологиясы б-ча ил. из-лор адегенде В. А. Шестаковдун, кийин М. А. Яковлев, Н. В. Дронов ж. б-дын, көмүр кендери б-ча — Г. П. Калинин м-н С. П. Кузминскийдин, кенди жер үстүнөн ачык казып алуу б-ча Г. В. Секисовдун жетекчилигинде жүргүзүлгөн. Респ-када О. Д. Алимов түзгөн актуалдуу илимий-техникалык жаңы багыт — механика ж-а тоо-кен машинасын таануу (С. А. Басов, А. Н. Волков, Л. Т. Дворников, В. К. Манжосов, А. В. Фролов ж. б.) ийгиликтүү өнүгүүдө.

Көп байлыкты рационалдуу пайдалануу (Г. В. Секисов, М. Я. Яковлев, А. А. Ашымбаев ж. б.), кендерге экон. баа берүү (Н. В. Дронов), информациялык-техникалык камсыздандыруу (М. Н. Лейцин) ж-а геомеханикалык прибор куруу (И. Т. Айтматов, И. А. Торгоев) б-ча изилдөөлөр өнүгүүдө. Фрунзе политехника ин-тунда тоо-кен иштери б-ча ил. изилдөөлөр 2 негизги багытта жүргүзүлүүдө: тоо-кен жумуштарын механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу (К. И. Иванов, Л. Т. Дворников), тоо тектердин механикасы ж-а көмүр, руда кендерин жер астынан казып алуу технологиясы (Ш. А. Мамбетов, К. Д. Медведев, А. Г. Поляков, А. И. Имаралиев). Кыргызстанда тоо-кен илимининн калыптанышына ж-а өнүгүшүнө, ө. эле жогорку квалификациялуу кадрлардын даярдалышына олконун илимий борборлорунун тоо-кен иши б-ча көрүнүктүү илимпоздорунун көрсөткөн жардамы зор.

И. Т. Айтматов, Г. В. Секисов

Тоо-кен машина таануу. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту, Фрунзе политехника ин-ту, Респ-канын машина куруу з-ддору ж-а тоо-кен ишканалары м-н бирдикте машина таануу тармагында кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүүдө. 1965-ж. Тоо тектердин физикасы ж-а механикасы ин-тунун составында бургулоо техникасын комплекстүү механикалаштыруунун ж-а автоматташтыруунун илимий негиздеринин болүмү түзүлүп, фундаменттик ж-а колдонмо изилдөөлөр ургаалдуу өнүгө баштаган. Бөлүмдү уюштуруу ж-а аның проблемаларын иштеп чыгуу Кыргыз ССР ИАнын академиги О. Д. Алимовдун ж-а аның окуучулары — илимдин докторлору Л. Т. Дворников, В. К. Манжосов, илимдин кандидаттары С. А. Басов, А. Н. Волков ж-а А. В. Фроловдун эмгектери м-н тыгыз байланышкан. 1970-ж. бул коллектив Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-туна которулуп, механика ж-а тоо-кен машина таануу бөлүмү деп аталган.

Фундаменттик изилдөөлөр төмөнкү багыттарда өнүгүүдө: бургулоо учурунда тоо тектердин талкалануу процесстерин оптималдаштыруу (О. Д. Алимов, Л. Т. Дворников), оптималдуу параметрдеги тоо-кен механизмдери м-н машиналарынын синтези (О. Д. Алимов, С. А. Басов, В. К. Манжосов), дирилдетип-согуучу ж-а бургулоочу машиналардын гидроколомдүү ж-а айкалыштырылган кыймылга келтиргичтеринин күч берүүчү импульстук системалар теориясын иштеп чыгуу (О. Д. Алимов, С. А. Басов, Ж. Усубалиев, В. К. Манжосов, А. В. Фролов, А. Тентимишев), оор жумуш аткаруучу тоо-кен манипуляторлору м-н роботторунун теориясы (О. А. Алимов, С. А. Басов, М. М. Тазабеков), автоматтар ж-а роботторду бургулоочу машиналар м-н башкаруу теориясы (А. В. Фролов, Л. Р. Еникеева, П. С. Туровский). Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн комплекси бургулоочу агрегаттардын параметрлери м-н конструкцияларын оптималдуу синтездөөнүн илимий негиздерин иштеп чыгууга гана байланыштуу болбостон, ал сыноо стенддеринде белгиленген принциптер м-н гипотезаларды ырастоого, о. эле жер астындагы шарттарда иштөөгө ыңгайлуу өндүрүмдүү, коопсуз жаңы машиналарды түзүүгө да байланыштуу. Ачы-Сай, Лениногорск полиметалл комбинаттары ж-а Кузмашзаводу м-н бирдикте БСМ-1 (1970) ж-а АНКЛ-1 (1973) станокторду жасашкан. Алардын Хайдаркен сыман, Ыртыш, Ачы-Сай ж-а Лениногорск полиметалл комбинаттарында, о. эле Токтогул ГЭСинин курулушунда жүргүзүлгөн ө. ж-лык сыноосу көзөнөктү бургулоодо эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,8—2,5 эсеге жогорулай турганын ж-а жумушчунун эмгек шарты жакшырарын көрсөттү. 1972-жылдагы сыноонун натыйжасы б-ча «Беер-1» станогу түзүлүп, 1974-ж. алардын тажрыйбалык партиясы даярдалган. Аны колдонуунун натыйжасында Тоо-металлургия комбинатында эмгек өндүрүмдүүлүгү мурда колдонулуп жүргөн НКР-100 станокторуна караганда 2 эседен ашык жогорулаган. Мында ар бир станокту колдонуудан алынган экон. натыйжа жылына 6 миң сомдон ашкан.

УБА универсалдуу бургулоочу агрегаты — гидравликалык ж-а айкалыштырылган кыймылга келтиргичтүү бургулоочу машиналарды түзүү тармагындагы эмгектин натыйжасы. Ал кен байлыкты жер астынан казып алууда, гидротехникалык ж-а жол курулуштарында шурларды бургулоо үчүн Кузнецк машина куруу з-ду ж-а «Ачполиметалл» комбинаты м-н бирдикте жасаган. 1976-ж. баалуу курулуш материалдарын казып алуу үчүн УБА ж-а КБА тибиндеги жогорку механикалаштырылган техниканы түзүү б-ча комплекстүү иштер башталган. Механика ж-а тоо-кен машина таануу бөлүмүнүн респ-канын бир катар ө. ж. ишканалары, Союздагы машина куруу з-ддорунун коллективдери м-н болгон чыгармачылык байланыш Кыргыз ССР ИАнын илимпоздоруна ж-а респ-канын Курулуш материалдар ө. ж. министерствосунун кызматкерлерине конструкциясы б-ча сейрек УБА-1 «Аскатеш» бургулоочу агрегатын түзүүгө мүмкүндүк берген. Бул агрегат азыр Кайыңды, Сары-Таш, Чычкан карьерлеринде ж-а Чүй таш талкалоо-сорттоо з-дунда ийгиликтүү пайдаланылууда. УБА-1 «Аскатеш» автономдуу ж-а мобилдүү универсал агрегатын колдонуу бургулоо жумуштарынын өндүрүмдүүлүгүн 4—6 эсе жогорулатты. Бургулоочу-оператордун эмгек шарты түп тамырынан жакшырды. Аткаруучу механизмдердин, энергия м-н камсыз кылуу ж-а башкаруу системаларынын мобилдүүлүгүн, кубаттуулугун ж-а универсалдуулугун жогорулатуунун эсебинен бир бургулоочу агрегатты колдонуудагы экон. натыйжа жылына 35—86 миң сомду түзөт. 1978-ж. Кыргыз ССР ИАнын илимпоздору респ-канын Курулуш материалдар ө. ж. министерствосунун, Геология башкармасынын ж-а Кузнецк машина куруу з-дунун адистери УБА-1 тибиндеги «Аскатеш» автономдуу универсал бургулоочу агрегаттардын тажрыйбалык партиясын түзүшкөн. Бул жаңыдан түзүлгөн агрегат бардык параметри б-ча тажрыйбалык үлгүдөн артыкчылык кылат. Алар пневмо ж-а гидроавтоматиканын түзүлүштөрү м-н жабдылып, жумуш аткаруу сапаттары арттырылган, бургулоочулардын эмгек шарттары жакшыртылган. Бургулоочу техниканын түзүлүшүн эсептөөнүн, аны конструкциялоонун ж-а пайдаланууунун илимий негизин иштеп чыккандыгы үчүн окумуштуулар тобуна 1976-ж. Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгынын лауреаты деген наам берилген.

Бургулануучу объектилердин беттик катмарларынын катмарлуулугун (стратификациясын) изилдөө макса-

тында тоо тектерди түзүлүшү ж-а каршылык көрсөтүүсү ж-дө маалымат алуу м-н бирге көзөнөк бургулоо операциясын убакыттын белгилүү бирдигинде ишке ашырган бургулоочу автомат-информаторлорду түзүүнүн илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, бир катар жыйынтыктар алынган. Сейрек илимий экспериментти өткөрүүдө турмушка ашырылган бул иштерге илим ж-а техника б-ча СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1977). *О. Д. Алимов, А. В. Фролов*

Башкаруунун автоматташтырылган системалары (БАС). Автоматтык башкаруу, контролдоо ж-а автоматташтыруу системаларында эсептөө техникасын колдонуу проблемаларынын ургаалдуу өнүгүшү Кыргызстанда 1960-ж. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту түзүлгөндөн кийин башталган. Ин-ттун проблематикасынын калыптанышы бир кыйла даражада академиктер Н. Н. Шумиловский м-н Ю. Е. Неболюбовдун илимий-уюштуруу иш-аракеттери м-н байланышкан. Алар ин-ту 1960—67 ж-а 1967—73-жылдары башкарып туруп, ирригация м-н о. ж. технологиялык процесстерди ж-а аны автоматташтыруунун техникалык каражаттарын түзүү принциптерин иштеп чыгууга көп көңүл бурушкан.

60-жылдардын аягында автоматтык ж-а автоматташтырылган системаларын адаптациялоо ж-а аныксыздык шарттарында башкаруу тармагында перспективалуу илимий багыт калыптанган (В. П. Живоглядов). 70-жылдардан директивалык органдардын чечимине ылайык курулуш материалдар о. ж-нын мисалында үзгүлтүксүз өндүрүштөгү технологиялык процесстерди (ТП) башкаруунун автоматтык системаларын (БАС) куруунун теориялык негиздерин түзүү б-ча комплекстүү изилдөөлөр кеңири жүргүзүлө баштаган. Кечигүүчү ж-а болуштүрүлгөн параметрлүү объектилерди дуалдык башкаруу теориясы өнүккөн. 1965-ж. кедерги болуу шартында болуштүрүлгөн системаларды идентификациялоо маселелери биринчи жолу иштелип чыгып, бир катар жыйынтыктар алынган. Сейрек илимий экспериментти өткөрүүдө турмушка ашырылган бул иштерге илим ж-а техника б-ча СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1977). *О. Д. Алимов, А. В. Фролов*

Башкаруунун автоматташтырылган системалары (БАС). Автоматтык башкаруу, контролдоо ж-а автоматташтыруу системаларында эсептөө техникасын колдонуу проблемаларынын ургаалдуу өнүгүшү.

нии «Автомобилдер жана автомобиль кыймылдаткычтары» кафедрасында автомобилден иштелип чыккан газдын уулуулугун азайтуу м-н бирге автомобиль кыймылдаткычтарынын экоп. көрсөткүчтөрүн жакшыртуу үчүн жасалган түзөлүштөр («Автомобиль кыймылдаткычтары үчүн автоматтык бийиктик корректору — АВК-5» ж-а «Карбюраторлор үчүн автоматтык температуралык экономайзер — АТЭК-3») СССР ВДНХга көргөзмөго коюлуп, алтын коло ж-а күмүш медалдарына татыктуу болгон.

Автоматтык жылуулук корректорлорунун бул жаңы конструкцияларын өндүрүшкө киргизүү абанын 20°—30°С температурасында ушул эле температурада иштөөчү стандарт кыймылдаткычтарга салыштырганда күйүүчү майдын салыштырмалуу сарпталышын орточо эсеп м-н 10—15%ке азайтууга мүмкүндүк берет. Мында кыймылдаткычтын натыйжалуу кубаттуулугу азайбастан кайра 1—2%ке көбөйөт, ал эми иштелип чыккан газдагы уулуу заттар компоненттери б-ча орточо эсеп м-н 2—6 эсеге азаят. Бул — автоматтык жылуулук корректор м-н жабдылган кыймылдаткычтын цилиндрлеринин ичиндеги жумушчу процесстин жакшыртылышынын натыйжасы. Жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуу б-ча да пл. из. иштери жүргүзүлүүдө. Алар тайгак тоо жолдорундагы оор жүктүү автомобилдердин туруктуу кыймылын камсыз кылууга, жол-транспорт кырсыктарынын себептерин аныктоого, авariяны азайтуу б-ча үюштуруу-техникалык чараларды иштеп чыгууга багытталган. Бул конструктордук-эксперименттик иштердин натыйжалары тоо жолдорунда кыш мезгилинде автомобилдердин кырсыкка учурашын азайтууда зор маанiге ээ.

Тормоздоо системасынын энергия м-н камсыз болуусун арттыруу, жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуу үчүн «КрАЗ, МАЗ автомобилдеринин тормоз активдүүлүгүн жана ЗИЛ, Урал автомобилдеринин тайгак жолдордогу кыймылынын туруктуулугун арттыруу» маселеси б-ча пл. из-лөр жүргүзүлгөн. Оор жүктүү автомобилдер үчүн мотордук тормоз-акырындаткычка эсептөө ж-а долбоорлоо жүргүзүлгөн, түзүлүштүн жумуш аткарууга жарамдуу тажрыйбалык үлгүсү даярдалган. БАМдын шартындай шартта стенддик ж-а жол сыноосу жүргүзүлгөн. Кафедра изилдөө темалары б-ча Грузин ССР ИАнын Машинадардын механикасы ин-тунун коллективи, Москва автожол ин-тунун, Грузин, Тажик ж-а Ташкен политехника ин-ттарынын кафедралары, Курган автобус з-ду м-н илимий ж-а практикалык тыгыз байланыш түзгөн.

Ө. С. Нусупов

Курулуш илими. Кыргызстанда курулуш б-ча илимдин өнүгүшүнө ФПИнин (1954) ж-а Кыргыз ССРинин курулуш иштери б-ча мамл. комитетинин (1961) түзүлүшү башкы ролду ойногон. Ин-т жылыга 1000ден ашуун инженер-куруучуларды даярдан чыгаруучу курулуш факультеттеринин илимий кызматкерлери курулуш, архитектура, курулуш материалдары, жол машинасын куруу тармактары б-ча пл. из-лөрдү жүргүзөт. Жыл сайын өндүрүшкө бир кыйла экон. натыйжа берүүчү пл. из. иштери өндүрүшкө киргизилүүдө. Курулуштун жер титирөөгө туруктуулугу проблемасы б-ча пл. из-лөрдү координациялоо үчүн 1969-ж. ин-тта проблема лабораториясы уюшулган. Ал тарабынан конструкциялардын чыныгы абалын тактоочу факторлорду эсепке алуу м-н жер титирөөгө туруктуу имараттарды ж-а курулмаларды, алардын фундаменттерин долбоорлоонун илимий негиздери ж-а методдору иштелип чыгууда. Жука дубалдуу темир-бетон конструкциялардын статикалык ж-а сейсмдик жүгүн эсептөө методу изилденүүдө (А. Медетбеков, А. С. Тян, В. П. Макрушев, А. Х. Абдужапаров ж. б.). М. Ш. Толомушовдун жетекчилиги м-н курулуш конструкцияларынын наркын азайтып, сапатын жогорулатуунун камсыз кылуучу темир-бетон конструкцияларын жылуулук м-н иштетүүнүн үнөмдүү методдору изилденүүдө. Курулуштун сырьё базасын кеңейтүү максатында минералдык сырьёну чалгындоо ж-а о. ж. таштандыларын изилдөө жүргүзүлүүдө. Курулуш материалдарын, бетон ж-а темир-бетон конструкцияларын даярдан чыгаруу технологиясы жакшыртылууда. Жерг. чөпо агын суунун тазалоо үчүн пайдаланылууда (И. Г. Савелов, С. Г. Караханди, М. К. Сартбаев). В. В. Курбатовдун жетекчилиги м-н шаар куруу, шаардын планы, граждандык, о. ж. ж-а а. ч. курулмаларынын архитектурасынын өнүгүшүндөгү болочоктуу багыттар изилденүүдө. О. Азиянын тоолуу жер титирөөчү райондорундагы гидротехникалык курулмаларын деформацияларын, жер казуучу механикалаштыруучу изилдөө б-ча В. И. Зенин, Б. Т. Баканов, В. М. Вайскранц ж. б. иштөөчүдө.

Кыргыз ССР мамл. курулуш комитетинин башкы милдети — респ-када жалпы бирдей техникалык саясатты жүргүзүү. Курулуш иштери б-ча комитет ведомстволор аралык координацияны ж-а курулуш, архитектура б-ча пл. из. иштеринин жүргүзүлүшүн ж-а өндүрүшкө киргизилишин көзөмөлдөөнү ишке ашырып, илимий мекемелердин ж-а жогорку окуу жайлардын ин-аракетинин натыйжалуулугун жогорулатууга комок берет, респ-кадагы министерстволордун, ведомстволордун катышуусу м-н бирге курулуштун техникалык деңгээлин ж-а индустриялаштыруусун жогорулатуучу жумуштарды комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу б-ча негизги багыттарды аныктайт, респ-канын шаарларынын курулуштарына, респ-када даярдалган курулуш материалдарынын, буюмдарынын ж-а конструкцияларынын сапатына мамл. архитектура-курулуштук контролдоону ишке ашырат. Кыргызстанда, о. эле СССР Госстройдун курулуш ж-а архитектура б-ча иштөөчү пл. из. мекемелери — В. А. Кучеренко атн. ЦНИИСКинин жер титирөөгө туруктуулук лабораториясы, темир-бетон конструкцияларын өзгөчө шарттарда колдонуу б-ча лабораториясы (НИИЖБ), Фрунзедеги шаар куруу ж-а турак-жай, коомдук имараттарды типтештирүүнүн комплекстүү болуму (ТашЗНИИЭП), о. эле СССР Главсельстройпроекттин, Минсельстройдун кой ж-а жылкы чарбачылыктарынын комплекстерин, имараттарын, курулуштарын типтүү ж-а эксперименттик долбоорлоонун Борб. ил. из. ж-а долбоорлоо ин-ту (ЦНИИЭП овцепром) жайгашкан. ЦНИИЭП овцепромдун илимий ин-аракети а. ч-га арналган өндүрүштүк имараттардын номенклатураларын жакшыртуу ж-а азайтуу б-ча изилдөөлөрго багытталган.

ФПИ м-н Кыргыз ССР мамл. курулушу тарабынан жүргүзүлгөн пл. из. иштери респ-канын курулуш мекемелерин — Токтогул ж-а Күрп-Сай ГЭСтери, Киров, Анжиян суу сактагычтары ж. б. ири объекттилерди курууда бекемдикти камсыз кылуу м-н маанилүү техникалык жардам көрсөткөн. Темир-бетон буюмдарын жылуулук м-н иштетүүнүн натыйжалуу методдору өндүрүшкө киргизилген, о. эле көпшөк көшүндүлөрдүн негизинде жеңил бетон конструкциялары алынган. Азыркы натыйжалуу курулуш материалдары, жаңы технология

Окмоттук сыйлыкка татыктуу болгон илимий мекемелер ж-а окуу жайлар

Аты	Сыйлык алган жылы	Ордени
Кыргыз ССР ИАнын Н. И. Захарьев атн. Биохимия ж-а физиология ин-ту	1967	Эмгек Кызыл Туу
Фрунзе медицина окуу жайы	1967	Эмгек Кызыл Туу
Фрунзедеги № 17 кесиптик-техникалык окуу жайы	1967	Эмгек Кызыл Туу
Кыргыз ССР ИАнын М. М. Адышев атн. Геология ин-ту	1969	Эмгек Кызыл Туу
Кыргыз ССР илимдер академиясы	1975	Эл Достугу
Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-ту	1981	Эмгек Кызыл Туу
СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамл. университети	1982	Эмгек Кызыл Туу
К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-ту	1983	«Ардак Белгиси»

ж-а эсептөө методдору капиталдык курулушта кеңири колдонулууда.

М. Толомушов

Лб.: Жалпы эмгектер. Каракеев К., Советтик Кыргызстанда илимдин өнүгүшү, Фр., 1963, 154 б.; Какеев А., Материя жана аң-сезим, Фр., 1969, 59 б.; Ленин и наука Советского Кыргызстана, Фр., 1970, 394 с.; Славный юбилей отечественной науки, Фр., 1976, 194 с.; Каракеев К., Академия наук Киргизской ССР, Фр., 1974, 229 с.; его же, Великий Октябрь и наука Кыргызстана, Фр., 1977, 232 с.; Академия наук Киргизской ССР, 1954—1979, Фр., 1979, 200 с.

Коомдук илимдер. Тарых. Шерстобитов В. П., Орозалиев К. К., Виниик Д. Ф., Очерк исторической науки в Советском Киргизстане (1918—1960 гг.), Фр., 1961, 145 с.; Джамгерчинов В., Орозалиев К., Шерстобитов В. П., Историческая наука в Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 35—57; Вяткин М. П., Социально-экономическое развитие Средней Азии. Историографический очерк 1865—1965 гг., Фр., 1974, 262 с.

Философия. Алтымышбаев А., Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии. (1905—1923), Фр., 1967, 269 с.; Философско-психологические проблемы коммуникации, Фр., 1971, 135 с.; Аманалиев Б., О развитии марксистской философской мысли в Киргизии, «Вопросы философии», 1972, № 4, с. 20—25; Абдылдаев Т., Соотношение различных тенденций в исследовании уровней организации живой природы, Фр., 1975, 249 с.; Советский народ — строитель коммунизма, в 2-х кн., Фр., 1977; Каракеев Т., Семантические аспекты диалектики социального развития, Фр., 1978, 302 с.; Духовная культура и социальный прогресс, Фр., 1980, 92 с.

Экономика. Алышбаев Ж., Экономикалык илимдердин милдеттери жана анын кээ бир актуалдуу маселелери жөнүндө, Фр., 1969, 38 б.; Экономические исследования в Киргизстане, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 74—89; Экономика Киргизии — составная часть народнохозяйственного комплекса СССР, Фр., 1977, 197 с.; Вопросы развития народного хозяйства Киргизии, вып. 3, Фр., 1978, 185 с.; Кумсков В. И., Современный уровень экономического развития Киргизской ССР и проблемы его повышения, Фр., 1979, 61 с.; XXVI съезд КПСС и задачи экономических исследований в Киргизии, Фр., 1982, 188 с.

Экономикалык география. Оторбаев К., Проблемы размещения производительных сил в формировании территориально-производственных комплексов Киргизской ССР, Фр., 1974, 136 с.; Проблемы географии Киргизии, Фр., 1975, 289 с.; Исраилов А., Размещение производительных сил в Нарынской области, Фр., 1978, 57 с.; Ибраимов С., Ошская область Киргизстана, Фр., 1979, 199 с.

Укук. Илебаев У., Развитие юридической науки в Киргизской ССР, в кн. Юбилейная научная сессия, посвящённая 50-летию Великой Октябрьской социалистической революции, Фр., 1967, с. 119—120; Развитие философских и правовых наук в Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, 58—73 с.

Педагогика. Исмайлов А. Э., В. И. Ленин и проблемы воспитания и образования, Фр., 1971, 303 с.; Вопросы педагогики и психологии общения, Фр., 1975, 100 с.; Некоторые вопросы теории и практики обучения студентов высшей школы, Фр., 1977, 107 с.; Балтабаев М., Развитие всеобщего среднего образования в Киргизской ССР, Фр., 1978, 227 с.

Тил. Юнусалиев Б. М., Киргизская лексикология, Фр., 1959, ч. I, 242 с.; ошоңуку, Кыргыз диалектологиясы, Фр., 1971, 292 б.; Батманов И. А., Современный киргизский язык, Фр., 1963, 166 с.; Орузбаева Б. О., Словообразование в киргизском языке, Фр., 1964, 309 с.; ошоңуку, Кыргыз адабий тилинин алдын ала негизи жөнүндө, Фр., 1968, 91 б.; Турсунов А., Киргизское языкознание, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 90—98; Ахматов Т. К., Звуковой строй современного киргизского литературного языка, ч. I, Фр., 1968, 191 с., ч. II, Фр., 1970, 156 с.; Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, Фр., 1980, 540 б.; Орусбаев А., Киргизская акцентуация, Фр., 1974, 112 с.; Сыдыков Ж., Безударный вокализм в киргизском языке, Фр., 1978, 98 с.; Джумагулов Ч., Язык сиро-тюркских (несторианских) памятников Киргизии, Фр., 1971, 162 с.

Фольклористика. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 707 б.; Субанбеков Ж., Кыргыз элинин баатырдык эпосторү, Фр., 1970, 260 б.; Мамытбеков З., Абдылдаев Э., «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, Фр., 1966, 245 б.

Адабият таануу. История киргизской советской литературы, М., 1970, 543 с.; Аскаров Т., Восхождение и зрелость, Фр., 1976, 312 с.; Бобулов К., Критика и литературный процесс, Фр., 1976, 210 с.; Садыков А., Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы, Фр., 1969, 259 б.; Асаналиев К., Движение во времени, Фр., 1978, 276 с.; Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары, био-библиогр. справочник, Фр., 1976, 726 б.; Боруулов М., Единство национального и интернационального, М., 1979, 272 с.; Жигитов С., Корком сөз маселелери, Фр., 1982, 254 б.

Дунган таануу. Материалы по общей тюркологии и дунгановедению, Фр., 1964, 107 с.; Сушанло М., Мадеюев П., Советское дунгановедение, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с., 122—130; Сушанло М., Дунгане, Фр., 1971, 305 с.

Табият илимдери. Математика. Иманалиев М., Ведь Ю. А., Фёдоров В. Д., Математические науки в Киргизии, в кн.: Ленин и науки Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 143—157; Каримов С., Элементардык функциялар, Фр., 1971, 99 б.; Иманалиев М., Методы решения нелинейных обратных задач и их приложения, Фр., 1977, 347, с.; Исследования по интегро-дифференциальным уравнениям, Фр., 1977, 437 с.; Исследования по геометрии и алгебре, Фр., 1978, 146 с.; Панков П. С., Доказательные вычисления на электронных вычислительных машинах, Фр., 1978, 170 с.; Чернов Ю., Ланге Э. Г., Задачи нелинейного программирования с удельными экономическими показателями, Фр., 1978, 290 с.; Интегро-дифференциальные уравнения и их приложения, Фр., 1979, 142 с.; Математические методы теории систем, Фр., 1979, 135 с.

Физика. Рязин П. А., Жээнбаев Ж., Исследования в области физики, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 137—142; Алимов О. Д., Манжосов В. К., Еремьянц В. Э., Распространение волн деформаций в ударных системах, Фр., 1978, 196 с.; Распространение упругих и упруго-пластических волн, Фр., 1978, 218 с.

Механика. Рященцев И. П., Тимошенко Е. М., Фролов А. В., Теория, расчёт и конструирование электрических машин ударного действия, Новосибирск, 1971, 220 с.; Алимов О. Д., Манжосов В. К., Филиповский В. П., Механические импульсные генераторы с шарнирно-рычажным захватывающим устройством, Фр., 1975, 148 с.; Алимов О. Д., Басов С. А., Основы теории и расчета гидрообъёмных виброударных механизмов, Фр., 1976, 26 с.; Алимов О. Д., Манжосов В. К., Мамасандов М. Т., Теория вертикальных шнековых механизмов, Фр., 1978, 162 с.; Алимов О. Д., Фролов А. В., Енникеева О. Р., Научно-методические основы создания буровых машин-информаторов, Фр., 1978, 56 с.; Манжосов В. К., Абдраимов С., Невенчанная Т. О., Крутильные колебания в силовых трансмиссиях буровых машин, Фр., 1979, 15 с.

Геодезия. Зенин В. Н., Основные схемы вычислений исходных данных в стереографической проекции для инженерных городских и геодезических работ. «Труды Фрунзенского политехнического института», «Строительство и архитектура», Фр., 1974, вып. 75, с. 88—91; Проблемы географии Киргизии, Фр., 1975, 290 с.; Тезисы докладов Республиканской научно-технической конференции «Состояние и перспективы развития технических наук в Киргизии», секция «Сейсмостойкое строительство», Фр., 1980, 119 с.

Геология. Адышев М. М., Геологическая наука в Киргизской ССР, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, 1970, с. 181—191; его же, Академия наук СССР и развитие геологической науки в Киргизии, в кн.: Славный юбилей отечественной науки, Фр., 1976, с. 64—75; Вольпаков М. Н., К истории гидрологических исследований в Киргизии, Григоренко П. Г., Основные достижения в области гидрогеологии и инженерной геологии Киргизской ССР, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана Фр., 1970, с. 192—217.

Геофизика. Розова Е. А., Исследование сейсмичности территории Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 218—225; Геолого-геофизическая характеристика сейсмогенных зон Киргизии, Фр., 1978, 159 с.; Геолого-географические особенности и сейсмичность территории Киргизии, Фр., 1978, 105 с.; Геологические основы сейсмического районирования Иссыккульской впадины, Фр., 1978, 152 с.; Джануазов К., Ильясов Б., Калмурзаев К., Карта сейсмического районирования Киргизии, Фр., 1979, 23 с.

Физикалык-география. Географические исследования в Киргизии, Фр., 1970, 151 с.; Забиров Р., Умурзаков С., Географические исследования в Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 239—248; Физическая география Прииссыкулья, Фр., 1970, 151 с.; Географические исследования высокогорных районов Киргизии, Фр., 1973, 100 с.; Умурзаков С., Географические науки в Киргизии. «Известия Академии наук СССР», 1973, № 1, с. 121—129; Проблемы географии Киргизии, Фр., 1975, 289 с.; Проблемы горного ландшафтоведения, Фр., 1979, 76 с.; Развитие географических наук в Киргизии, Фр., 1980, 160 с.

Химия. Сулайманов А., Химияга саякат, Фр., 1965, 60 б.; Физико-химические основные переработки минерального сырья Киргизии, Фр., 1975, 188 с.; Неорганический и органический синтез, Фр., 1977, 135 с.; Тезисы докладов симпозиума «Катализ в органической и биоорганической химии», Фр., 1977, 64 с.; Физико-химическое изучение соединений металлов с биологически активными веществами, Фр., 1977, 116 с.; Физические свойства ионных кристаллов, Фр., 1978, 106 с.

Микробиология. Волкова А. А., Исследования в области микробиологии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 304—312; Биологические методы борьбы с кровососущими насекомыми и клещами, Фр., 1977, 120 с.

Адамдын жана жаныбарлардын физиологиясы. Яковлев В. Г., Биохимия лактации, Фр., 1962, 231 с.; Миррахимов М. М., Болезни сердца и горы, Фр., 1971, 310 с.; Исабаева В. А., Агаджанян Н. А., Елфимов А. И., Хеморецепторы, гемокоагуляция и высокогорье, Фр., 1973, 280 с.; Айдаралиев А. А., Физиологические механизмы адаптации и пути повышения резистентности организма к гипоксии, Фр., 1978, 190 с.; Физиологические адаптации в природе и эксперименте, Фр., 1978, 185 с.; Закиров Д. З., Гипофизарно-адреналовая система при сложных формах адаптации, Фр., 1979, 123 с.

Ботаника. Өсүмдүктөрдүн физиологиясы. Захарьев Н. И., Биологические исследования в Киргизии, Никитина Е. В., Выходцев И. В., Ботанические исследования в Киргизии, Ган П. А., Лесная проблема в Киргизии в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 277—290, 326—340; Материалы по флоре Киргизии, Фр., 1973, 135 с.; Протопопов Г. Ф., Созревание семян древесных и кустарниковых растений, Фр., 1973, 106 с.; Биология деревьев, кустарников и плодовых растений, Фр., 1975, 96 с.; Евдокимова Л. И., Редкие комнатные растения, Фр., 1976, 100 с.; Ботанический сад, Фр., 1977, 72 с.; Ткаченко В. И., Ассорина И. А., Редкие и исчезающие виды растений природной флоры Киргизии, Фр., 1978, 128 с.; Деза М. И., Сухин В. С., Справочное пособие по сбору, определению и гербаризации растений, Фр., 1979, 239 с.

Гидробиология. Биологические основы рыбного хозяйства водоёмов Средней Азии и Казахстана, Фр., 1978, 521 с.; Ихтиологические и гидробиологические исследования в Киргизии, Фр., 1979, 119 с.; Кустарева Л. А., Иванова Л. М., Бентос притоков озера Иссык-Куль, Фр., 1980, 102 с.

Биохимия. Яковлев В. Г., Евтушенко Г. А., Одынец Р. Н., Исследования в области биохимии и физиологии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 291—297; Тезисы докладов симпозиума по проблеме синтеза органических веществ молока, Фр., 1971, 123 с.; Гормональная регуляция биосинтеза белков молока, Фр., 1973, 103 с.; Мурсалиев А., Биогеохимическая инвентаризация флоры Киргизской ССР, Фр., 1976, 132 с.; Тезисы докладов конференции биохимиков республик Средней Азии и Казахстана, Фр., 1976, 254 с.

Зоология. Янушевич А. И., Гребенюк Р. В., Токобаев М., Развитие зоологии и паразитологии в Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1979, с. 313—325; Роль диких животных и кровососущих членистоногих в эпизоотологии листериоза, Фр., 1972, 110 с.

Генетика. Лущихин М. Н., Вопросы генетики и селекции овец, М., 1974; Генетика и селекция сельскохозяйственных растений и животных в Киргизии, Фр., 1977, 164 с.

Айыл чарба. Управление режимами работы гидротехнических сооружений, Фр., 1971, 140 с.; Мамытов А., Развитие почвоведения и его роль в интенсификации земледелия в Киргизии, «Известия Академии наук Киргизской ССР», Фр., 1974, № 3, с. 60—70; его же, Вопросы почвоведения в Киргизии, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 353—366; Алгоритмизация и автоматизация процессов водораспределения, Фр., 1978, 112 с.; Вопросы агрономии, Фр., 1978, 141 б.; Вопросы механизации сельскохозяйственного производства, Фр., 1978, 102 с.

Медицина. Айдаралиев А. А., Развитие здравоохранения в Советском Киргизстане, Фр., 1970, 192 с.; Алиев М., Экспериментальная медицина в условиях высокогорья, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 289—303; Ахунбаев И. К., Развитие медицинской науки в Киргизии за 50 лет, в кн.: Славный юбилей отечественной науки, Фр., 1976, с. 75—85; Данияров С. Б., Работа сердца в условиях высокогорья, Л., 1979, 151 с.; Миррахимов М. М., Гольдберг П. Н., Горная медицина, Фр., 1978, 182 с.; Физиология и патология организма в условиях высокогорья, Фр., 1973, 212 с.; 1976, 160 с.; Физиологические адаптации в природе и эксперименте, Фр., 1978, 195 с.; Краевая эпидемиология и гигиена, Фр., 1979, 275 с.; Экспериментальная сердечно-сосудистая патология в горах, Фр., 1979, 131 с.

Техникалык илимдер. Тоо-кен иши. Авершин С. Г., Шестаков В. А., Развитие горного дела в Киргизской ССР, в кн.: Ленин и наука Советского Киргизстана, Фр., 1970, с. 226—238; Исследования физических параметров горных пород, Фр., 1977, 136 с.; Механика горных склонов и откосов, Фр., 1978, 87 с.; Горные удары, методы оценки и контроля удароопасности массивов горных пород, Фр., 1979, 407 с.; Направленные взрывы на склонах, Фр., 1980, 120 с.

Тоо-кен машина таануу. Алимов О. Д., Исследование процессов разрушения горных пород при бурении шпуров, Томск, 1960, 88 с.; Алимов О. Д., Гохберг М. М., Пневмопривод и пневмоавтоматика с нестандартными схемами, Фр., 1970, 264 с.; Механизация и автоматизация буровых работ, Фр., 1971, 146 с.; Анализ конструкции самоходных буровых агрегатов, Фр., 1975, 217 с.; Агрегаты для бурения шпуров, Фр., 1975, 242 с.; Алимов О. Д., Дворников Л. Т., Буровые машины, М., 1976, 295 с.

Башкаруунун автоматташтырылган системасы. Живоглядов В. П., Адаптация в автоматизированных системах управления технологическими процессами, Фр., 1974, 227 с.; Оптимизация и адаптивное управление в больших системах, Фр., 1980, 110 с.


Электротехника. Электродвигатели малой мощности, Фр., 1976, 278 с.; Алымкулов К., Бобровский А. С., Электропривод малой мощности, Фр., 1977, 76 с.

Машина куруунун технологиясы. «Труды Фрунзенского политехнического института», вып. 36, Фр., 1968, с. 126—140; Труды Республиканской научно-технической конференции «Состояние и перспективы развития технических наук в Киргизии», Фр., 1980, 132 с.

Курулуш. Байскранц В. М., Особенности эксплуатации землеройных машин в Средней Азии, Фр., 1970, 160 с.; Курбатов В. В., Творческое содружество водчих, Фр., 1974, 43 с.; Медетбеков А., Методы расчёта на статические и сейсмические нагрузки неупругих железобетонных пластин, Фр., 1979, 96 с.; Тулемышев М. Ш., Определение оптимального режима термообработки панелей в кассетах индукционным способом, «Труды республиканской научно-технической конференции», Фр., 1980, с. 71—85.

Автомобиль транспорту. Эффективность эксплуатации автомобилей в высокогорных и высокотемпературных условиях, «Труды Фрунзенского политехнич. института», Фр., 1979, 105 с.; Скалов Г. Ф., Нусупов Э. С., Тяговые и скоростные качества автомобилей ГАЗ—ГЗФ в высокогорных условиях эксплуатации, Труды конференции по теории и расчёту автомобилей, работающих в горных условиях, Тбилиси, 1968, с. 177—182.

КЫРГЫЗ ТИЛИ



1928-жа 1981-жылдагы кыргыз алиппелери.

Кыргыз тили — Кыргыз ССРинин негизги калкы болуп эсептелген кыргыз улутунун тили; СССРдеги кыргыздардын жалпы саны — 1 906 000 (1979); Кыргызстанда 1 687 000 кыргыз бар; респ-кадан сырткары — Өзбек ССРинин Фергана, Самарканд, Анжиян, Наманган облтарында (142 000), Тажик ССРинин Гарм, Тоолуу-Бадахшан обл-тарында (48 000), Казак ССРинин Кыргызстанга чектеш р-пдорунда, РСФСРдин кээ бир жерлеринде (29 000) да кыргыздар жашайт.

Кыргыз тилинде көптөгөн көркөм, илимий, коомдук-саясий адабияттар чыгарылат, мезгилдүү басма сөз басылат, радио уктуруулар ж-а телекөрсөтүүлөр ишке ашырылат, мектептер м-н жогорку окуу жайларында окутуу иштери жүргүзүлөт, спектаклдер коюлат, мекемелерде официалдуу документтер ж-а иш-кагаздары алып барылат. Кыргыздар чогуу жашаган жерлерде ал өз ара ишкер алышуунун бирден бир каражаты катары кызмат кылат.




Кыргыз совет алиппелеринин бири. 1934.


Улуу Октябрга чейин кыргыздардын жазуусу болгон эмес. Туңгуч улуттук жазуу 1924-ж. араб алфавитин белгилүү өлчөмдө кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайыкташтыруу м-н түзүлгөн. Бирок реформаланган араб алфавити кыргыз тилинин фонетикалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн чагылдыра албаган, б. а. кыргыз тилинде белгилүү ролду ойногон вокализмди араб жазуусунун жардамы м-н толук чагылдыруунун мүмкүн болгон эмес. Бул алфавит 1928-ж. латын графикасынын негизинде түзүлгөн башка алфавит м-н алмаштырылган. Латын алфавити 1941-жылдын башына чейин колдонулуп, андан кийин кыргыздар түрк тилинде сүйлөшкөн СССРдин башка элдери сыяктуу эле орус графикасына негизделген жаңы жазууга өтүшкөн. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму 1941-ж. 12-сентябрда жаңы алфавиттин эрежелер жыйнагын, 1953-ж. 30-майда кыргыз орфографиясынын тактаган жаңы текстин атайын указ м-н бекиткен. Азыркы кыргыз жазуусу фонетика-морфологиялык принципке негизделген. Анда орус алфавитинин бардык тамгалары (кээ бирлери, мис. *в, ь, ю, ъ, щ, ф* кабыл алынган сөздөрдү жазууда) пайдаланылат ж-а кыргыз тилиндеги мурунчул *ң* м-н эринчил *ө, ү* үндүүлөрүн билдирүүчү *ң, ө, ү* тамгалары кошумча киргизилген. Кыргыз тилинин тыбыштык эрежелерине ылайыкташтырылган орфографиялык жактан ыңгайлуу жаңы алфавитке өтүү орус ж-а кыргыз маданиятынын андан ары да жакындашуусуна өбөлгө түзүп, ал элдердин ж-а алардын тилдеринин өз ара баюусун күчөткөн. Азыркы кыргыз адабий тилинин сөз байлыгы кабыл алуулардын эсебинен өркүндөп (айрыкча эл аралык лексиканын эсебинен), илим м-н техниканын тилине терминологиялык маанидеги лексика кеңири кирди; кыргыз тилинин функциялык (көркөм, иш кагаздары, публицистикалык) стилдери калыптанды; сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрү кеңейди; синтаксис б-ча сүйлөмдөрдүн, сөз айкаштарынын жаңы түрлөрү (моделдери) пайда болду.

Кыргыз тили түрк тилдеринин түп.-батыш (А. Н. Самойлович, кыпчак; Н. А. Баскаков, кыргыз-кыпчак) тобуна кирет; теги б-ча тоолуу алтай тилине өтө жакын. Тарыхый дареги «кыргыз» деген ат м-н кыргыз этносу ж-дөгү биринчи кабар б. з. ч. 2-к-га таандык.


«Кыргыз» — орто кылымдык филолог Махмуд Кашгари эскерген 22 түрк уруусунун бири (алардын жашаган жерин так көрсөткөн эмес). Бирок байыркы түрк жазма эстеликтеринин тилин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары азыркы кыргыз тилин байыркы енисей кыргыздарынын тилинин туундусу, ошондон улам азыркы кыргыздарды байыркы енисей кыргыздарынын түздөн




1




2



3



4



5

1. Араб графикасына негизделген кыргыз алфавити (1924—27).
2. Латын графикасына негизделген кыргыз алфавити (1928).
3. Айрым түзөтүүлөрдөн кийинки кыргыз алфавити (1929).
4. Унификациядан кийинки кыргыз алфавити (1940).
5. Орус графикасына негизделген кыргыз алфавити (1941).

түз укум-тукумдары деп эсептөөгө мүмкүндүк бербейт. Э. Р. Тенишевдин теориясы б-ча байыркы түрк орхон-енисей жазууларынын тили — бул жазуу тараган жерлердеги уруулардын оозеки сүйлөшүү тилдери м-н катар жашаган кандайдыр бир өлчөмдө жалпылыкка ээ жазма адабий тил. Азыркы кыргыз тилинин спецификалуу өзгөчөлүктөрү болсо бул тилде сүйлөгөн элдин узак тарыхында диалектилик белгилердин бирдиктүү оз ара таасиринин натыйжасында жалпы элдик сүйлөшүү тилинин келип чыгышына байланыштуу пайда болгон. Ал эми кыргыз тилинин жогоруда аталган салттуу классификациялык белгилердин чегине сыйбаган өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышында коңшулаш элдердин (өзбек, тажик) тилдери да, о. эле кыргыз элине таасир эткен тилдик компоненттердеги өзгөчөлүктөр да белгилүү ролду ойногон. Ошондуктан С. Е. Малов өзүнүн классификациясында кыргыз тилин «жаңы түрк тилдерине» киргизгени да бекеринен эмес («Памятники древнетюркской письменности», М.— Л., 1952). Бул, бир жагынан, енисей эстеликтеринин тили м-н азыркы Түш. Сибирь тилдеринин, экинчи жагынан, азыркы кыргыз тилинин ортосундагы объективдүү айырмачылыктар м-н далилденип турат.

Азыркы кыргыз тилинде 8 кыска *(а, о, у, ө, ү, ы, и, э)*, 6 созулма *(аа, уу, оо, өө, үү, ээ)* үндүү бар; күч басымы көбүнчө акыркы муунга түшөт; кыргыздын төл сөздөрүндө — уңгуда, сөз жасоодо, сөз өзгөртүүдө — үндүүлөр ырааттуу түрдө үндөшөт. Үндөшүү үндүү тыбыштын жасалуу орду, тилдин көтөрүлүү даражасы, эриндин катышына жараша болот. Бул үнсүздөрдүн алга окшошуусун шарттайт. Каткалаң үнсүздөр эки үндүүнүн ортосунда жумшарат (кеп-кеби), создун аягы жумшак үнсүз м-н бүтпөйт. Кыргыз тилинде (төл сөздөрдө) *ф, х, в* үнсүз фонемалары жок. «Ж» аффрикатасынан улам кыргыз тили түрк тилдеринин «ж»чыл тобуна кирет.

Морфологиялык жактан азыркы кыргыз тилине көчүлүк түрк тилдерине тиешелүү негизги белгилер мүнөздүү. Анда 9 сөз түркүмү бар: зат, сын, сан, ат атоочтор, тактооч, этиш, тууранды, сырдык ж-а кызматчы сөздөр (байламта, жандооч, бөлүкчө, модалдык сөздөр). Зат ж-а заттык маанидеги атоочтор алты жөндөмдө жөнделот. Алар: атооч (мүчөсү жок), илик (-ның мүчөсү негиздеги үндүүлөрдүн составына, анын акыркы үнсүзүнө карай 12 түрдө өзгөрөт), барыш (-га мүчөсү 8 вариантта), табыш (-ны мүчөсү 12 вариантта), жатыш



Тилчи илимпоздор К. Карасаев м-н И. А. Батманов. 1946.

(-да мүчөсү 8 вариантта), чыгыш (-дан 8 вариантта өзгөрөт).

Зат атоочтун таандык категориясын (кээде ат атоочтукун да) атайын мүчөлөр билдирет: -ныкы — жалпы таандык мүчө; -ым, -ың, (-ыңыз, -ыңар), -ыңыздар, -ы//-сы — жак таандык мүчөлөр. Көптүк сан -лар (12 варианттуу) мүчөсү м-н туюнтулат. Этиштик формаларда көптүк сан категориясы морфологиялык жактан -ш//-иш (мунун 4 варианты бар) ж-а -к мүчөлөрү аркылуу (алар келишти, биз келдик), лексика-семантикалык ыкма аркылуу, атоочтун эсептик сан атооч м-н айкашуусу аркылуу (бет бала, үч китеп), жалпылама (кайталама) маанилүү көш сөздөр аркылуу (далай-далай окуя) ишке ашырылат.

Зат атоочтор лексика-семантикалык (көп маанилүүлүк, омонимия ж. у. с.), синтаксистик (сөз айкаштарынын лексикаланышы) ж-а аффиксация (мүчөломө) ыкмалары м-н жасалат. Акыркы экөө азыркы кыргыз тили үчүн өтө мүнөздүү. Аффикстердин жардамы м-н зат атооч зат атоочтордон, этиштерден жасалат; алардын ичинен онүмдүүлөрү (көбү үндөштүк законуна баш ийет) -чы (пахтачы), -лык (балалык), -чылык (талаачылык), -даш (замандаш), -ке (энеке), -кер (жоокер), -поз (онорпоз), -стан (Кыргызстан), -кана (китепкана), -ап//-ып (агып), -ак//-ык (тарак), -ым (басым), -ынды (таштанды), -ма (тизме), -гак//-гык (соргок), -гыч (туткуч), -ыт//-т (тоют), -гын (чалгын), -ылга (табылга) ж. б. Татаал зат атоочтордун эки түрү бар: багыныңкы байланыштагы, б. а. көшмок сөздөр (ат кулак, кереге газета, Октябрь революциясы) ж-а тең байланыштагы, б. а. көш сөздөр (ата-бала, үй-жай, балачака). Кыргыз тилиндеги сын атооч даражалар м-н мүнөздөлөт. Салыштырма даража сын атоочтун негизине -ыраак мүчөсүнүн уланышы аркылуу (кызыл-кызылыраак), күчөтмө даража өтө, абдан, эң (эң жакшы, өтө кызыл) деген сөздөрдүн жардамы м-н жасалат. Сын атоочтор зат атоочтордон, сын атоочтордон -чан (атчан), -ыңкы (көбүңкү бет), -гыч (алгыч), -чаак (урушчаак) мүчөлөрүнүн жардамы м-н түзүлөт; кээ бир аффикстер жалганып сын атоочту сапат маанисине ээ кылат (-ыңкы, -ыш; көбүңкү, агыш).

Сан атоочтор семантикасы, грамматикалык өзгөчөлүктөрү б-ча эсептик (бир, он), преттик (бешинчи), жамдама (экөө), топ (ондон, жүздөн), болчок (бештен бир), чамалама (ондой, он чакты, ончо) сан болуп бөлүнөт.

Азыркы кыргыз тилиндеги ат атоочтор жактама (мен, сен, ал, биз, сиз, сиздер, силер, алар), шилтеме (бу, бул, ошо, ошол, ушу, ушул, тиги, тетиги, береги), сурама (ким, эмне, кандай, кайсы, канча, кайда, кана, кайдан, качан), аныктама (ал өз ич ара экиге бөлүнөт: жамдама — бардык, баары, бүт//бүткүл, бүтүн; ажыраткыч — ар), таңгыч (эч), белгисиз (кээ бир) атоочтордон турат.


Ат атоочтордун жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр аларды жөндөлүштүн өзгөчө түрүн түзүшүн шарттайт.

Этиштин уңгусунун семантикасында экинчи жактын жекелик санының буйрук маанисине тиешелүүлүк бар. Анын таңгыч формасы -ба мүчөсүнүн жардамы м-н түзүлөт (келбе). Уңгуга түздон түз эле өздүк (-ын//-ыл), көш (-ш//-ыш), аркылуу (-т, -дыр,- гыз), туюк (-л//-ыл) мамилелердин мүчөлөрү жалганат. Этиштер толук ж-а кыска түрдө жакталат. Алардын мүчөлөрү:

толук түрү:		кыска түрү	
жекелик сан	көптүк сан	жекелик сан	көптүк сан
1-жак -мын	-быз	-м	-к
2-жак -сың	-сыздар//-сыңар	-ң, -ңыз,	-ңар//-ңыздар
3-жак -т			

Этиштин буйрук, шарттуу, каалоо, баяндагыч деген торт ыңгайы бар. Баяндагыч ыңгай кыймыл-аракеттин болуп өткөнүн, азыркы учурда болуп жатканын же келечекте болоорун баяндайт. Булардын ар бири өзүнө мүнөздүү, туруктуу мүчөлөрго ээ. Баяндагыч ыңгайдын чегинде чак түшүнүктөрү да камтылат. Өткөн чак, айкын өткөн чак (-ды, алдым), жалпы өткөн чак (-ган, алганмын), капыска өткөн чак (-ыптыр, алыптыр), демейки өткөн чак (-чу, алчумун) деп болүнөт. Мындан тышкары өткөн чак формалары — экөн, эле, эмес менен айкашта кыймыл-аракеттин ар кыл жагдайларын бил-

Кыргыз тили б-ча илимий эмгектер.





Кыргыз тилчи олимпоздорунун бир тобу. 1966.

дирип, өткөн чактын татаал формаларын түзөт. Учур чактын учур-келер (жазам) ж-а айкын учур чак деген эки түрү бар. Кийинкиси негизги этишке тур, отур, жат, жүр сыяктуу функционалдык жардамчы этиштердин айкашуусу м-н жасалат: окуп жатат, иштеп отурат, айтып жүрөт. Келер чак -ар (барар) мүчөсү м-н түзүлөт. Кыргыз тилинде этиштердин чегинде атоочтуктар (-ган, -ар, -уучу) м-н чакчылдар (-ып, -а, -ганы, -майынча) түзүлөт.

Этиштердин жасалышында -ла, -са, -сыра, -на ж. б. онумдүү мүчөлөр кеңири пайдаланылат.

Этиштик уңгуга -уу, -оо, -мак мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу кыймыл атоочтор (кел-келүү, ой-ойлоо) жаралат.


Тактооч өзгөрбөс сөз түркүмү катары кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын билдирет. Тактоочтор -ча, -лап, -чылап, -пай, -дай ж. б. мүчөлөр аркылуу жасалат. Түрк тилдеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири — тууранды сөздөргө кыргыз тили да бай. Алар семантикалык касиетине жараша табыш (тарс-турс, калдырт) ж-а элестүү (дардак, жылт) сөздөр деп экиге бөлүнөт. Сырдык сөздөр да кыргыз тилинде көп, алар ар түрдүү эмоциялык кырдаалды туюндурат. Кызматчы сөздөр төмөнкүлөр: а) жандоочтор — сүйлөмдө же сөз айкашында сөздөрдүн өз ара байланышын тескеп, жөндөмөлөрдү башкарат; б) болүкчөлөр м-н модалдык сөздөр — сөздөрдүн сүйлөмдөгү ар кыл модалдык касиеттерин билдирет; в) байламталар — сөз айкашы м-н сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдү же татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат.

Кыргыз тилинин жогоруда баяндалган тыбыштык ж-а грамматикалык өзгөчөлүктөрү негизинен анын адабий (жазма) формасынын өзгөчөлүгүн түзөт. Андан тышкары жалпы элдик оозеки сүйлөшүү тилинин чегинде диалектилик айырмачылыктар да бар. Алар кыргыз тилчи окумуштуулары тарабынан изилденип, системага салынууда. Кыргыз тилинин диалектилеринин тыбыштык, грамматикалык ж-а лексикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө ал тилде негизинен эки (түндүк ж-а түштүк) диалекти бар экенин көрсөтөт. Алардын ар бири лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү м-н мүнөздөлөт. Ал өзгөчөлүктөр, бир жагынан, эне тилдин байыркы белгилери, экинчи жагынан, башка тилдердин таасири м-н түшүндүрүлөт. Диалектилердеги орчундуу тыбыштык, грамматикалык ж-а лексикалык белгилердин чеги кыргыз диалектологиясында кабыл алынган аймактык чектерге толук шайкеш келбегендиктен, кыргыз говорлорунун классификациялык чектери шарттуу гана алынган. Көп изоглоссалар говордун же диалектинин түзгөн говорлордун чегинен сыртка да чыгып кетет. Алардын пайда болуу мезгили да ар башка. Бул кырдаал кыргыз диалектилеринин жалпы элдик тилдин өнүгүшүнүн байыркы ж-а кийинки белгилерин белгилүү өлчөмдө чагылтып, кыргыз тилинин, кыргыз элинин да тарыхы үчүн баалуу дарек боло турганын ырастайт.

Б. О. Орузбаева

Ад.: Юдахин К. К., Киргизско-русский словарь, М., 1940, с. 6—11; Юнусалиев Б. М., Киргизская лексикология, Фр., 1959, ч. I, 242 с.; ошонуку, Кыргыз диалектологиясы, Фр., 1971, 292 б.; Ахматов Т. К., Звуковой строй современного киргизского литературного языка, ч. I, Фр., 1968, 191 с., ч. II, Фр., 1970, 156 с.; Орузбаева Б. О., Словообразование в киргизском языке, Фр., 1964, 309 с.; её же, Изучать проблемы языкового строительства, в кн.: Могучее средство коммунистического строительства, Фр., 1979, с. 70—75; Батманов И. А., Современный киргизский язык, Фр., 1963, 166 с.; Сартбаев К. К., Кыргыз тилинин изилдениши, Фр., 1981, 108 б.; Турсунов А., Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары, Фр., 1978, 336 б.; Шукуров Ж. Ш., Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр, Фр., 1955, 80 б.; Кудайбергенов С., Кыргыз тилиндеги этиштин жасалышы, Фр., 1979, 124 б.; Жапаров А., Кыргыз тилинин синтаксиси, Фр., 1979, 322 б.; Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, Фр., 1980, 540 б.

АДАБИЯТ



Кыргызстан жазуучуларынын 7-съезди. Трибунада — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин биринчи секретары Т. Усубалиев. 1981.

ФОЛЬКЛОР

Кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгы байыркы замандарда эле пайда болгону белгилүү. Буга биздин күндөргө чейин сакталып келген оригиналдуу космогониялык мифтер, мал багууга байланыштуу айтылган ырлар, кошоктор ж. б. кубө. Кыргыз фольклорунун жанрлары ар түрдүү ж-а алар негизинен төмөнкүдөй болуп болүнүп келатат.

Салт ырлары. Бул өз ичинен ырым-жырым, үй-бүлө ж-а турмуш тиричилик ырларына бөлүнөт. Ырым-жырымдар — жаратылыш кырсыктарынан, оору-сыркоодон сактануу максатында аткарылган:

Кандын касабынан сакта,
Каранын доороматынан сакта.
Бар балаадан сакта,
Ооминин, алооакбар!

Ырым-жырымдарга, о. эле жылан, уулуу курт-кумурскалар чакканда айтылчу дубалар (айрымдары биздин мезгилге чейин жеткен), көчмөн мал чарбачылыгына байланыштуу келип чыккан ырымдар да кирет. Турмуш тиричилик ырларынан бизге кеңири белгилүүлөрү «Бекбекей», «Шырылдак». Бул ырларды элдик кээ бир легендалардын же салттардын чагылдырылышы деп божомолдоого да болот. Кызызы, бул сөздөр малдын мифтик ээлерин (колдоочуларын) атап, дуба катары кызмат кылса керек:

Укуругум долоно, Каапыр ууру жолобо!
Ууру, бору жолобо. Бекбекей, саксакай у-у-у!
Камчымдын сабы долоно,

«Бекбекейди» түнкүсүн короо кайтаргандар (көбүнчө уландар, кыз-келиндер) ырдаган. «Шырылдакта» жылкычылар өздөрүнүн оор эмгегин даңазалашып, арбын тол алуу тилегин да билдиришкен. Аны алар жайлоодо да, о. эле күздөөгө, кыштоого келгенде да ырдашкан. Буга дыйканчылык, «жайы» ырлары да кирет. Элде дыйканчылыктын ээси Баба Дыйкан делип, адетте ага дыйкандар кызылга береке берсин үчүн сыйынышса, темин бастырганда оор жумушун ырдын деми м-н жеңилдетишип, «Оп майданы» (орус элинин «Дубинушкасы» сыяктуу) ырдашкан. Катуу кургакчылыкта табиятка таасир этип, жаан жаадыруу үчүн «жайыны» айтышкан. «Жер-суу таюу» ырларында табияттын ар түрдүү кубулуштарына табынуу ж-а аңчылык олжолуу, тол арбын болсун деген тилек билдирилген.

Дидактикалык чыгармалар. Көчмөн шартта адеп-ахлак тарбиясында оозеки насыят сөздөр, ырлар негизги роль ойногон. Бул адамдын коомдогу жүрүм-турумунун жазылбаган моралдык-этикалык нормаларынын жыйындысы болгон. Кыргыз фольклорунда бул жанр санат, насыят жө терме деп аталат.

Ак барандын кундагын, Эки козуң жумбагын.
Аталбасаң сунбагын. Өтүп кеткен ит үчүн,
Эрмин десең душмандан, Өкүнүп балаң урбагын.

Дидактикалык чыгармаларда адамдардын терс кылык-жоруктарын сындоого чоң маани берилет. Санатасыяттарда алдардын акылы, жөн билгичтиги, опорү, сулуулугу даңазаланат:

Акылман болсо алганың,
Өлгөнүчө сүрөрсүң
Өмүрдүн ширин балдарын.

Бул жанр түрк элдеринин адабияттарында эзелтеден белгилүү. Руникалык эстеликтерде баяндоонун насыят ыкмасы басымдуулук кылат. Дидактикалык чыгармалардын кийинки өнүгүшүн 11-к-дын эстелиги — «Диван лугат-ит-түрктөн» (Махмуд Кашгари) көрөбүз.

Макал жана ылакаптар. Макал ж-а ылакаптар мазмуну жагынан дидактикалык чыгармаларга кирет. Алар элдин социалдык-тарыхый тажрыйбасын камтып, салт-санааны, жүрүм-турум нормаларын, аялга карата мамилени чагылдырат. Көбүнчө эр жүрөктүүлүккө, туруктуулукка, асыл сапаттарга арналат:

«Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи,
Жакшы көргөн досунан мал аяган жигитпи?».
«Ат сыйлаган жоо баспайт».
«Оң колуңдун ачуусу келсе,
Сол колуң менен карма».
«Бору баласы ит болбойт».
«Жакшы аял — жарым ырыс».

Макал-ылакаптарда кыргыз элинин чет элдик баскынчыларга каршы кылымдар бою жүргүзгөн күрөшү да чагылдырылган:

«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде».
«Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт».
«Жатып өлгүчө, атып өл» ж. б.

Көп макал-ылакаптардан таптык, адеп-ахлактык карама-каршылыктар ачык байкалат. Алардын ичинде бай-манаптардын мүдөөсүн көздөгөндөрү да бир топ. Мис.:

«Кум жыйылып, таш болбойт,
«Кул жыйылып, баш болбойт».
«Камчың кайраттуу болсо,
Катының уятчуу болот».

Макал-ылакаптардын дагы бир тобунда элдик курч сын айтылат: «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба». О. эле ата-энени сыйлоо, балдарга камкордук көрүү, акылмандык, ак-коолук ж-а чыныгы достук жөнүндөгү макал, ылакаптар да аз эмес:

«Акмак жаңылса, досун жемелейт,
Акылдуу жаңылса, өзүн жемелейт».

Макал ж-а ылакаптар — элдик үрп-адаттардын, түшүнүктөрдүн ж-а каада-салттардын өзүнчө бир энциклопедиясы. Ошондон улам аларды жазуучулар өз чыгармаларында тилдин образдуулугун арттырып, ойду ачык, так берүү үчүн кеңири пайдаланып келатышат.

Табышмактар. Табышмак предметти же кубулушту каймана, көбүнесе поэтикалык формада сыпаттайт. Кыргыз элинин табышмактары көп түрдүү, алар мал чарбачылыгына, дыйканчылыкка, көчмөн турмушка байланыштуу чыккан. Кыска табышмактардан тышкары ангеме-жомок түрүндөгү, о. эле айтыш, эсеп, табышмактар да жолугат: «Кырк табак, кырк табактын ар биринде кырк куйрук, ар куйрукта кырк бычактан, бардыгы канча бычак?». Көз бир табышмактар кызыктыкан уйкаш сөздөрдөн, суроо-жооп формасында түзүлөт. Дегиндеси табышмактардын корчулугуно метафора, аллегория мүнөздүү.

Жомоктор. Жомок жанры — бул мазмунунун фантастикалуулугуна карабастан, элдин ой-пикирин, мүдөөсүн ачык чагылдырган фольклордук проза. Кыргыз элинин жомокторуна өз учуру менен бекем байланышкан актуалдуулук, жогорку идеялуулук, тилдин таамайлыгы мүнөздүү. Аларда элдин жыргал турмуш ж-дөгү тилеги чагылдырылган. Дүйно тааныткыч ж-а тарбиялык маанине ээ болуу м-н алар мазмуну жагынан турмуштук, сыйкырдуу ж-а айбанаттар ж-дөгү жомоктор болуп болунот.

Баатырлардын эрдиктери ж-дөгү сыйкырдуу жомоктордун каармандары — ажыдаар, жез кемпир, жалгыз көздүү дөө. Адамды айбанга айландыруучу бир уч топурак, өлбөс кылуучу мүрөктүн суусу, сулуулук берүүчү алма, жан-жаныбарды кайра тирилтүүчү таш каармандын кереметтүү жардамчылары катары айтылат. Эр жүрөктүүлүктү, кайраттуулукту, акылмандыкты дасазалоо сюжеттери уруучулук түзүлүштүн ыдыроо мезгилин чагылдырган жомоктордун негизги темаларынан («Күмүш шакек», «Асыл таш»).

Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор фольклордун байыркы түрлөрүнөн. Уруучулук түзүлүштө адамдар ар кайсы айбандарга сыйынышкан, бирок эмгектин натыйжасында адамдын жаратылышка мамилеси акырындык м-н өзгөрө берип, тотемдер каймана мааниге өтө баштаган. Айбандар ж-дө көптөгөн жомоктор («Ацкоо аюу», «Түлкү менен Карышкыр», «Кыргый менен Үкү» ж. б.) пайда болгон. Тотемдер аркылуу жомок адам мүнөзүнүн кара мүртөздүк ж-а мээримдүүлүк, эр жүрөктүүлүк ж-а коркоктук д. у. с. сапаттарын көрсөтөт. Айбандар көнчүлүк учурда оң каармандын тоскоолдуктарды жеңүүсүнө жардам беришет. Алар канаттуу ат, акылман бака («Жетим»), Зымырык куш («Хан жана Зымырык») ж. б.

Турмуштук жомоктор реалдуу окуялар ж-дө баяндап, социалдык курч проблемаларды көтөрөт. Мында көбүнчө бай м-н жарды, дыйкан м-н хан («Акылдуу дыйкан акмак хан») кагылышып, кандардын байлардын ач көздүгү, макоолугу, таш боордугу келекеленет. Айлакер Алдар Косоонун кылык-жоруктары ж-дө аңгемелер эл арасында кеңири тараган. «Жеке таз менен жети таз», «Үч соодагер» жомокторунда башкы каармандардын акылмандыгы, айлакердиги дасазаланат. Эл таалайы, эркиндик үчүн күрөшүүчү Асан Кайгы (бул казак фольклорунда да бар) ж. б. каармандар адам атын бийик алып жүрүүгө үндөйт. «Обозгердин кызы», «Акылдуу дыйкан» сыяктуу жомоктордо адам эмгегинин түзүүчүлүк күчү ж-а үстөмдүк кылуучу таптардын бекерпос жашоосу туурасында элдин терең түшүнүгү чагылдырылып, керемет иштерди бүтүргөн жигердүү чеберчилик ж-дө баяндалат. Чебер жыгач уста («Обозгердин кызы») жыгачтан аялдын солокотун жасайт, зергер ал үчүн сойко, билерик, мончок куюп, тикмечи ага кооз койнок тигет. Жыгачтан жасалган сулууну акылман көрүп, ага жан киргизет. Кыргыз Галатеясы ж-дөгү мына ушул жомоктогудай эле, «Кемпирдин жети баласы» деген жомокто да адамды байлык эмес, кол билгилик, талант, эмгек эрдеси жеткирери айтылат.

Миф жана легенда фольклордун тапапташ жанрларынан. Алардын сюжеттерин космогониялык маанайдагы аңгемелер, топонимикалык аттардын тарыхтары, жаныбарлар м-н өсүмдүктөр дүйнөсүнүн келип чыгышы ж-дөгү баяндар түзөт. Контогон легендалар м-н мифтер дүйнөнүн жаралышы ж-дөгү байыркы түшүнүктөрго байланышкан. Алар топ жылдыздардын аталышынын кандайча чыкканын поэтикалык формада түшүндүрөт: «Үркөрдүн кызы Улуулдок сулуу» мифи Үркөрдүн кандайча пайда болгону ж-дө. «Үч аркар» мифи Үч аркар топ жылдызынын пайда болушун баяндайт. Жетиген, Алтын Казык жылдыздары ж-дөгү мифтер да ушундай.

Уруу, уруктардын аттарынын келип чыгышына байланышкан мифтер башка тематикалык топко кирет. Уламыш б-ча, жарым-жартылай миф катары айтылып калган каспеттүү мүйүздүү эненден бугу уруусу тараган деген кеп бар. Жаныбарлардын ыйык эсдери ж-дөгү мифтер кеңири белгилүү. Жылкынын ээси — Камбар ата, койдуку — Чолпон ата, төөнүкү — Ойсул ата, кийиктердики — Кайберен, уйдуку — Зеңги баба. «Кыргыз» деген этнонимдин келип чыгышы ж-дөгү мифте кыргыз уруусу сууда агып келе жаткан көбүктү ичип, кош бойлуу болгон кырк кыздан тараганы айтылат.

Мифтен айырмаланып, легенда тарыхый фактыларга көбүрөөк кайрылат, элдин турмушунда болгон ж-а анын фантазиясы м-н күчөтүлгөн илгерки окуяларга байланышат. Уламыш б-ча Ысык-Көлдүн жээгиндеги «Тору-Айгыр» деген айыл тору айгырга байланыштуу ушинтип аталган. Илгери калмактар кыргыздардын үйүр жылкысын тору айгыры м-н кошо көлдүн күңгөйүнөн тескейине айдап кетишет. Отондо өзүнүн жайытын сагынган тору айгыр көлдөн сүзүп чыгып, өз айылына келет. «Жети-Өгүз», «Кызарт» деген жерлердин аталышы, Ысык-Көлдүн пайда болушу ж-дө да легендалар айтылат.

Лирикалык ырлар. Лирикалык ырлар турмуш ж-а сүйүү ырларына бөлүнөт. Турмуш ырлары айтыштарды, жоктоолорду, үйлөнүү, бешик, арман, кошок, коштоону, керээз, арноо, селкинчек ырларын өз ичине камтыйт. Эзелтен кеңири белгилүү болгон айтыштарда таамай, элестүү, чымчыкей сөздөргө, тамаша, кээде бетке чабар, курч сатирага, ташкычтыкка чоң маани берилген. Айтыш өзүнчө бир коомдук трибуна сыяктуу мааниге ээ болгон. Акындар айтышып жаткан атаандаш киписине карата ыр чыгаруу менен аны комуздун коштоосунда аткарышып, өз артыкчылыгын көрсөтүүгө аракеттенген. Берки акын да кезеги келгенде каршысынын суроолоруна дароо ыр түрүндө жооп берип, анын кемчиликтерин көрсөтүүгө, анын шаштысын кетирүүгө умтулган. Шыгы күчтүү, ырды комуз, кыяк ж. б. аспапта чебер аткарган акын жеңип чыккан. Поэтикалык ойдун мындай мелдештери О. Азиянын башка элдеринде да кезигет (казактардын айтысы, өзбектердин аскиясы, тажиктердин мушапрасы). Айтыштардын алгачкы башталышы

болгон «Сармерден», «алымсабак» азыр да жаштардын үлпөтөрүндө аткарылат. Айтыш жанры Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгында («Найманбай менен айтышуу») эң мыкты өнүктүрүлгөн. Эл акыны ушул, ж. б. айтыштарында байлардын ырчыларынын сатылгычтыгын ашкерелеген. Азыр айтыштарда соц. коомдук түзүлүштүн артыкчылыгы, совет адамдарынын ийгиликтери дасазаланын, айрым кемчиликтер сындалууда. Айтыштар көбүнчө театр сахналарында аткарылып, радио аркылуу уктурулуп, телекөрсөтүү аркылуу берилип жүрөт.

Арман м-н коштоктордо өлгөн адамды жоктоо, эскерүү м-н бирге турмуштун адилетсиздиги, зомбулук, жакырчылык ж-дө да айтылган. Салт ырлары азыр да өзүнүн турмуштук маанисин жогото элек. Көз бир коштоктор м-н жоктоолор бара-бара сюжеттүү поэмаларга чейин өсүп жеткен.

Үйлөнүү ырлары көп учурларда арман м-н коштокторго жакындашып, анда күйөөго чыккан кыздын армандуу тагдыры ж-дө сөз болгон. Күйөөсүнүн үй-бүлөсүндө өзүн кандайча алып жүрүү керектиги акыл-насаат айтуу м-н бирге, аялдын оор абалы туурасында ырдалган. Үйлөнүү ырларында теңсиз нике темасы да чагылдырылган:

Алтымыш жашта ак сакал Атам сатып башымды,
Чалга кетип баратам, Малга кетип баратам.

«Барымтага кеткен кыздын арманы», «Чалга берген кыздын арманы» сыяктуу ырларда укуксуз кыргыз аялдарынын кайгылуу тагдыры сүрөттөлөт. Феод. төбөлдөрдүн ж-а дин кызматкерлеринин ач көздүгү, таш боордугу ашкереленген кордоо ырлары социалдык мотивдерге бай. Турмуш ырлары терең демократиялуу негизде болуу менен социалдык жактан күрч келип, патриархалдык-феод. коомдун таптык жиктелишин чагылдырат.

Сүйүү лирикасы «Сөкөтбай» ж-а «Күйгон» деп экиге болунөт. «Сөкөтбайда» кыздын образы, анын сулуулугу дасазаланып, «Күйгондө» сүйгөнүнө ар кандай себептер (көбүнесе социалдык) м-н жете албаган жаш уландын дарты айтылат:

Алтындан сойко салыпган Айлында басып суу алган
Кулагында болсомчу. Булагында болсомчу.

Октябрга чейин өтө кеңири таралган ырлардын бул түрү сов. доордо жаңы мазмун м-н тыныкмсыз байып, бирок дайыма салттуу поэтикалык образдарда (салыштыруулар, параллелизмдер, метафоралар) жаралып келе жатат.

Кыргыз фольклорунун көп жанрларына синкретизм мүнөздүү. Бул элдик иск-вонун бир нече түрлөрү айкалышкан кыргыз эпосунда айрыкча көрүнөт. Кыргыз элинин өзөкти чыгармачылыгы өзүнүн формасы б-ча токмолук касиетке ээ. Анда көбүнесе турмуш чындыгын кабылдоо процесси чыгармачылык процесс м-н бир мезгилде жүрөт. Академик В. В. Радлов кыргызларда «токмолук өнөрү күчтүү өнүккөн, анча-мынча тажрыйбасы бар ырчы мейманларды ошол эле жерден ырды кууштурып, мактап жиберишке кудуретти жетет»,— деп белгилеген. Мындай токмолук өнөр кыргыз элдик музыкасына да мүнөздүү. Мурда кыргыздар театрды билишпесе да, сахна иск-восунун элементтери сөз өнөрү м-н тыгыз байланышта жаман келген. Эл арасында Кудайберген Өмүрзаков (Куйручук) же Шаршен Термочиковго окшогон кууздулдар кеңири белгилүү болушкан. Алар өзүүчү таптык төбөлдөрүн катуу сынга ала ашкерелеп, терс мүнөздөрдү чеберчилик м-н шакаба кылышкан. Түркмөндөр м-н кара калпактардагыдай эле кыргыздарда да сөз, музыка, сүрөт өнөрлөрүнүн бирдиктүү болушу көп жанрлардын алгачкы формаларын калыптандырууга, аларды өркүндөтүүгө шарт түзгөн. Кыргыз совет адабияты өзүнүн өнүгүшүндө соц. реализм иск-восунун соолбос булагы болуп эсептелген фольклордун байлыгына таянууда. *Р. З. Кыдырбаева*

ЭЛДИК ПОЭЗИЯНЫН ЭПИКАЛЫК ЖАНРЛАРЫ (кенже формалар)

«Кенже формадагы» эпостордо деле баатырдык м-н каармандык дасазаланат, о. эле социалдык-турмуштук проблемалары лирика-романтикалык аспектте баяндалат. Кылымдар бою айтылып келген эпостун чыгыш мезгилин аныктоо мүмкүн эмес. Ар башка дооруларын окуяларын камтып, көп электен өтүп, байыган фольклордук чыгармалар зор көркөм күчкө, оригиналдуулукка, улуттук-эстетикалык бүтүндүккө жетишкен. Көнчүлүк дастандарда демокр. идеялар чагылдырылган, бирок айрым дастандар м-н варианттардын эл оозунда бир нече кылымдардан бери айтылып келаткандыгына байланыштуу аларга реакциячыл идеологиянын белгилери да кирип кеткен. Бул чыгармаларды жаратқан адамдардын белгилүү даражадагы идеялык чектелгендиктери м-н түшүндүрүлөт. Эпосто уруучулук коомдук түзүлүш чагылдырылып, адам м-н жаратылыштын өз ара байланышы ар кандай формада көрсөтүлөт, мифтик айбанаттарга сыйынуунун баяндаган учурлар да кездешет.

Кенже формадагы эпикалык чыгармалардын арасында баатырдык ж-а социалдык-турмуштук дастандар бар. «Эр Төштүк», «Кожожаш» өндүү дастандар мифологиялык-жомоктук негизде курулуп, байыркы доордон кабар берет. «Эр Табылды», «Курманбек» дастандарында соцку феодалдык доор, кыргыздардын уруулук чыр-чатактары, чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү ж-дө баяндалат. «Олжобай менен Кишимжан», «Сарыжигит Бөкөйдө» кыргыз уруулардын тарыхындагы ар кандай дооруларын социалдык-турмуштук проблемалары романтикалык аспектте чагылдырылат.

«Кожожаш» эпосунда көчмөндөрдүн турмушунун мүнөздүү жактарынын бири — мергенчилик ж-дө сөз болот. Мергенчи Кожожаш бүтүндөй бир уруунун багып турат. Эпосто кийиктердин мифтик ээси — энелик кудуретти чагылдырган Сур эчки Ала баш текесин атып, улактарын бут кылган Кожожашты каргап, аны эзүчүтип барып, жалама аскага калтырат. Кожожаш аскынын боорунда өлөт. Дастандын сюжети анын тотемге шек келтирүү катуу жаза деп эсептелген мезгилде, уруулардын өнүгүшүнүн ж-а калыптанышынын алгачкы стадиясында пайда болгондугун айгинелейт. Кыргыз уруулардын сарбагыш, асык ж. б. деп аталышын бул тотемдик реликттин өзгөрүлүп бизге жеткен күбөсү катары эсептөөгө болот. Дастан согушту, ички чыр-чатактарды, уруулар аралык чабыштарды биле элек элдин бейпил турмушун чагылдырат. Дастан жаратылыш сырларын ачуу жолунун татаалдыгы, адамдын, табияттын ар кандай кырсыктарына каршы күрөшү ж-дө баяндайт. «Кожожаш» алгач 1923-ж. жомокчу Сулайман Конокбаевден жазылып алынган. 1932-ж. Алымкул Усенбаевдин варианты боюнча басмадан чыккан. 1949-ж. дастан Төлөмүш Жээнтаевдин айтуусу б-ча да жазылган.

«Эр Төштүк» эпосу — башка түрк элдеринде: түмөндүк татарларда (кара сөз м-н), казактарда, алтайлыктарда да бар эпикалык чыгармалардын бири. Эр Төштүк өз алдынча эпикалык чыгарманын каарманы да, «Манас» эпосунун персонажы да болуп саналат. «Эр Төштүктү» алгач жолу 1862-ж. В. В. Радлов белгисиз жомокчудан жазып алган. Кийин Совет бийлигинин жылдарында 1927-ж. Жума Жамгырчиев эпостун бир вариантын (кара сөз түрүндө) жазып калтыраны белгилүү. 1932-ж. атактуу манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусунда жазылган варианты басмадан чыгып, ал эл ичине кеңири тараган. Эпостун мазмунун Эр Төштүктүн жер астындагы Кок Дөө, Чоюн Кулак али, Кара Дөө ж. б. м-н кармашы түзөт. Кыргыздардын бир нече

дүйнө (асманда да, жер астында да) бар деген илгерки ишенимди эпостун байыркы вариантында чагылдырылган. Эр Төштүк жер астындагы кара күчтөр м-н кармашып жүрүп, жети жыл бою күндү көрбөйт. Ага ишенимдүү достору Конокбай, Чалкуйрук, жолборс, аюу, кумурска, о. эле Корогоч, Куюн сыяктуу маамыттар жардамдашат. Алп кара куш олгон Төштүктү кайра тирилтет. Эр Төштүк досторунун жардамы м-н жер астындагы кара күчтөрдү жеңип, кайра жер үстүнө кайтып келет. Анын кайтып келишинде жакшылык м-н акылдын салтанаты даңазаланат.

Кыйла кийинки доордогу коомдук мамилелерди чагылдырган эпикалык чыгармалардын үлгүсү катары «Жаңыл Мырза» дастанын карооо болот. Анда кара калпактардын «Кырк кыз» эпосу шекилдүү кыргыздын баатыр кызынын эрдиги баяндалат. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а ад-т ин-тунун кол жазмалар фондусунда баяндын сюжеттери дээрлик окшош 4 варианты сакталуу. Эпос белгилүү акын ж-а жомокчу Тоголок Молдодон жазылып алынып, 1954-ж. басмадан чыккан. 1957-ж. А. Чоробаевдин, 1967-ж. Ы. Абдырахмановдун варианттары да жарыяланган. М. Мусулманкуловдун варианты жарык көрө элек. «Жаңыл Мырза» эпосу Кыргызстанда уруучулук түзүлүш бытыраң, феод. мамилелер пайда боло баштаган доордо жаралган. Анын сюжеттик өзөгүн кыргыз элинин калмак баскынчыларына каршы күрөшү түзөт. Эпос нойгут уруусунан чыккан баатыр кыз Жаңыл Мырзанын эрдиктери ж-дө баяндайт. Ал өз уруусунда чоң бедел күтүп, элге башчы болот. Акылдуулук, күчтүүлүк ж-а шамдагайлык жактан даңазалуу Жаңыл Мырзага эр азамат баатырлар да тең келе алышпайт. Жаңылдын баатырдыгынан улам душмандардын кол салуусу токтоп, нойгуттар тынч жашап калышат. Географиялык аймагынын абалына байланыштуу кыргыздар тарыхый зор окуяларга катышып, уйгур, кара кытай, монгол, жунгар (калмак) баскынчыларына каршы өз эркиндиги үчүн күрөшүп турган. Бул кыргыз элинен бүткүл күчүн топтоону талап кылган. Эпос адат, шарыятка каршы аялды эркектер м-н тең укуктуу кылып сүрөттөйт. Бирок аял туурасындагы элдик идеал эпос жашаган жагдай м-н мезгилге, о. эле аны аткарган кишинин жекече касиетине жараша белгилүү өзгөрүүлөрго дуушар болуп отурган. Мис., Жаңылдын душмандардан оч алуусуна көбүрөөк көңүл бурулган Ы. Абдырахмановдун вариантында баатыр кыз катаал баскынчы катары сүрөттөлөт. Бирок ар кандай интерпретацияларга карабастан, эпос жалпысынан эркиндик м-н көз каранды эместиктин элдик идеалдарын сактап, Ата Журтту коргоодогу эрдикти даңазалайт.

«Курманбек» эпосу бир кыйла кийинки мезгилдерде жаралган. Дастандын башкы каарманы Курманбек да калмактардын зомбулугуна каршы күрөшөт. Ич ара чыр-чатактардан улам Курманбек баатыр м-н анын атасы Тейитбектин ортосунда элдешпес конфликт келип чыгат. Эпостогу окуялардын өзөгүн Курманбектин элдиерди коргоо, сүйүү идеясы ж-а калмак хандары Дөлөн, Экез м-н күрөшү түзөт. Баатыр кармашууда өлсө да, анын адилет иши уулу Сейитбек тарабынан улантылат. Дастан кыргыз уруулараның феод. бытыранды-лыгын айыптайт. Курманбек бир эле мезгилде калмактар м-н согушуп, уруу ичиндеги чыр-чатактарды басып турууга мажбур болот. Эпосто социалдык курч мотивдер м-н бирге элдин тирчилигинин картиналары (мис., Курманбектин афган ханынын кызы Капышайга күйөөлөп барып үйлөнүшү) кыйла кездешет. Эпосту алгач 1928-ж. К. Мифтаков белгилүү айтуучу М. Мусулманкуловдон жазып алган. Ошол эле жылы ал акын К. Акыевдин, кийин 1958-ж. жаңы варианты акын М. Календеровдун айтуусу б-ча жазылып алынган. Дастан биринчи жолу 1938-ж. К. Акыевдин варианты б-ча басмадан чыккан.

Кыргыз коомунун терең социалдык карама-каршылыктарын чагылдырган «Эр Табылды» идеялык маанисин б-ча «Курманбек» эпосуна жакын. Поэмада кыргыздардын патриархалдык-феод. бытырандылыгы, Эр Табылды башында турган элдин калмак хандарына каршы күрөшү көрсөтүлөт. Эр Табылдыда эпикалык баатырдын бардык белгилери — күч да, эрдик да бар, ал элди баш коштуп, тынч жашоого үндөйт. Душман м-н салгылаштарда олжологон үйүр-үйүр малды Табылды кембагалдарга бөлүштүрүп берет: «Жесир катын бар болсо, жетимиштен кой берди, жетим бала бар болсо, жети саан уй берди, эл ичинде кедейге, эки бооз бээ берди». Эр Табылдынын образы нары канкор, нары куу Кудайназардын образына, анын уруулар арасында чыр-чатактарга себепкер болгон уулдарына карама-каршы коюлат. «Эр Табылды» эпосунун 3 варианты бар. Дастан А. Тыныбековдун вариантынын негизинде биринчи жолу 1940-ж. басмадан чыккан. Мындан башка бизге Ы. Дыйканбаевден жазылып алынган ж-а Ж. Жамгырчиев жазып калтырган варианттар белгилүү.



Кыргыз элинин кенже эпосторунун бир тобу.

«Жаныш-Байыш» эпосу идеялык, сюжеттик жактан өзүнчө бир өзгөчөлүккө ээ. Тематикалык жактан бул да калмак баскынчыларына (айрым варианттарда — кытай) каршы күрөшкө байланыштуу. Дастанда кыргыз баатырлары Жаныш м-н Байыштын эрдиги баяндалат. Бирок ал башка дастандардан айырмаланып, байыркы баяндардын реликттерин сактап калган: Байыш баатыр сууга чөкпөйт, отко күйбөйт, ага ок да отпейт; Жаныштын тулпары адамча сүйлөйт.

«Кедейкан» социалдык-турмуштук дастаны кыргыз коомунун таптык жителүүсү даана байкалган доордо жаралган. Дастандын «Кедейкан» аталышынын өзү эле анын идеялык багыты ж-дө кабарлайт. Жетим бала Керээз, тегерегине жарды жалчылардын балдарын топтоп, алар м-н бирге байлардын малына тийип, мүлкүн каректайт. Ал айлакердик, акылдуулук м-н Азимкандын жан-жоокерлөрүнүн бири Ак эшенди сөзүнөн карман, анын өтүнүчүнөн улам Азимкан тактысын Керээзге убактылуу бошотуп берет. Кедейкан бей-бечараларды таламын жактап, адилет бийлик жүргүзөт. Дастанда хандын «кайрымдуу» болушуна ишенген элдин түшүнүгүнүн чектелгендиги чагылдырылган. Эпостун К. Акыевден ж-а А. Үсөнбаевден жазылып алынган эки варианты бар. Эпос алгач 1938-ж. жарыкка чыккан.

«Сарыжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» дастандарында кийинки мезгилдер туурасында баяндалат. Булар эпикалык жанрдагы чыгармалардын реалдуу тарыхый мазмуну бир кыйла тереңдеген учурларда жаралган. Көркөмдүк өзгөчөлүктөрү б-ча алар түрк элдеринин азыноолак фантастика м-н гиперболизмге ширетилип, персонаждардын психологиялык мүнөздөмөлөрүн камтыган лирика-романтикалык дастандарына жакын. Бул дастандарда каармандардын образдары өнүгүү процессинде сүрөттөлөт. «Сарыжи-Бөкөйдө» Жамгырчы хан олгондон кийин анын уулу Сарыжи м-н инеси Бөкөйдүн ортосунда чыккан чатак ж-дө сөз болот. Бөкөй Сарыжинин колуктусу Акберметти тартып алат. Арам ою жок Сарыжи агасынын арамзалыгын дароо эле түшүнбөйт. Бирок иштин анығына көзү жетип, аккараны ажыраткан соң колуктусун бошотуп алууга белсенип чыгат. Ал кызды Бөкөйдүн туткунунан куткарып, ага үйлөнөт. Көптөгөн байыркы эпикалык баяндардын каармандарындай эле Акбермет акылдуу, жөн билги, кайраттуу аял. Дастан алгач 1923-ж. С. Конокбаевден, кийин 1958-ж. М. Сатыбалдиев м-н А. Үсөнбаевден жазылып алынган. Биринчи жолу 1953-ж. А. Үсөнбаевдин варианты б-ча басмадан чыккан.

«Олжобай менен Кишимжан» дастанындагы Кишимжандын образында кыргыз элинин эпикалык чыгармаларындагы алп каармандардын мыкты касиеттери камтылган.

Жаңыл Мырза ж-а казак дастандарынын каармандары Кыз Жибек, Баян Сулуу сыяктуу Кишимжан да сырткы сулуулук м-н рухий бай дүйнөнү айкалыштырган күрөшүүчү аялдын элдик идеалын туюнтат. «Олжобай менен Кишимжан» дастаны «Сарыжи-Бөкөйдөн» айырмаланып, трагедия м-н алактайт. Сүйүшкөндөрдүн феод. түзүлүшкө, реакциячыл салт-каадаларга каршы, чыныгы сүйүү үчүн күрөшү дастандын пафосун түзөт. Олжобай менен Кишимжан зордук-зомбулук окум сүргөн заманда бактылуу болө алышпайт, бирок алардын махабат үчүн күрөшү элдин жүрөгүнөн түнөк таап, жаркын элес калтырат. Дастандын үч варианты белгилүү: М. Кабыловдуку (1947), С. Сакөтаевдики (1925—27). Эпос алгач А. Үсөнбаевдин варианты б-ча 1940-ж. жарыяланган.

Р. З. Кыдырбаева

«МАНАС» ЭПОСУ

Кыргыз элинин эпосу «Манас» — эрдикти, жоокердик ар намысты, Мекенди ыйык тутууну даңазалаган залкар чыгарма. Кыргыз эли өзүнүн эркиндиги м-н көз карандысыздыгын коргоп, чет элдик баскынчыларга каршы кылымдар бою баатырдык м-н күрөшүп келген. Каршылык көрсөтүүнүн кубаттуу күчү, эрдик м-н баатырдык гана кыргыздарды толук жок болуп кетүүдөн сактап калган. Ар бир салгылаш элдин чыныгы уулкыздарынын көп эрдиктерин жаратып келген. Баатырдык м-н каармандык даңазалап ырдоонун түбөлүктүү темасына айланган. Кыргыз элинин жалпы эле эпикалык поэмаларынын, өзгөчө «Манас» эпосунун баатырдык мүнөзү да ушуга байланыштуу. «Манас» кыргыз эпосунун байыркы үлгүсү катары — кыргыз элинин азаттык, көз карандысыздык үчүн күрөшүн, анын адилет, жыргал турмуш туурасындагы ой-тилегин көркөм чагылдырган чыгарма. Жазылып калган тарыхы жок, өзү ж-дө жазма даректери анча көп болбогон көчмөн эл үчүн «Манас» эпосу оозеки поэзиянын башка жанрларындай эле жазма адабияттын да, сүрөт өнөрүнүн да, театрдын да милдетин аткарган. Бул өз өзөгүнө ыскаанын бардык түрлөрүн камтыган өзүнчө бир иск-во кенчи болгон. «Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхы гана эмес, анын этностук составы, турмуш тиричилиги, чарбачылыгы, адат-салты, аден-ахлагы, эстетикалык табити, жүрүм-турум нормалары, адамдын оң ж-а терс сапаттары, көз караштары, жаратылыш ж-дөгү байкоолору, диний, медициналык, географиялык ж. б. түшүнүктөрү, поэтикасы ж-а тили, б. а. эл турмушунун бардык жактары кеңири планда чагылдырылган нукура эпикалык чыгарма. Ошондуктан эпос элдин тарыхын, тилин, этнографиясын, филос. көз караштарын, психологиясын, руханий ж-а социалдык-саясий турмушун изилдөөнүн ишенимдүү булагы боло алат. О. Азиянын башка элдеринде орток дастандар болсо, мис., өзбектерде, казактарда, каракалпактарда — «Алпамыш», казактарда, түркмөндөрдө, өзбектерде, тажиктерде ж. б. элдерде — «Көр уулу», ал эми «Манас» кыргыздарга гана тиешелүү. Бул эпос мына ушул жагынан да айырмаланып турат. «Манаста» баяндалган окуялар кыргыз элинин тарыхындагы эң байыркы мезгилдерди чагылдырат. Андан байыркы коомдук формацияның айрым мүнөздүү белгилерин — аскер демократиясын (согуштан түшкөн олжолорду бөлүштүрүүдө көшуундун мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу, жол башчыларды — хандарды шайлоо ж. б.) баамдоого болот. Окуялар болуп өткөн жерлердин, элдердин ж-а уруулардын, кишилердин аттары арханикалык мүнөздө. 16-кылымдагы жазма эстелик — «Мажму-ат-таварихтеги» тарыхый маалыматтар да эпостун байыркы заманда эле пайда болгондугун айгинелейт. Аталган эстеликте Манастын эрдиктери 14-к-дын 2-жарымындагы окуялар м-н байланыштырылат («Манастын» бул сюжетин баяндаган эң байыркы кол жазманы 1959-ж. илимпоз А. Т. Тагиржанов тапкан).

Башка көптөгөн элдердин дастандарынан айырмаланып, «Манас» баштан аяк ыр м-н айтылат. Эпосто 500 миң чамалуу ыр сабы бар. Ал колому жагынан дүйнөдөгү белгилүү дастандардын бардыгынан ашып түшөт. Эпос муундан муунга, кылымдан кылымга өтүп, акырындык м-н өнүгө берген. Элдик жомокчулардын зор күч-аракетинин натыйжасында анын сюжеттик түзүлүшү татаалданып, жаңы тарыхый окуяларды ж-а персонаждарды өзүнө камтыган зор поэмага өсүп жеткен. Бүгүнкү күндөгү эпопея — кыргыз элинин болжолдоп айтканда дээрлик миң жылдык баатырдык тарыхын таланттуу манасчы акындардын көп муундарынын көркөм чагылдырылышынын натыйжасы.

«Манас» эпосунда кыргыз элинин көркөм ой жүгүртүүсүнүн элегинен өткөн кылымдардан берки тарыхы чагылдырылат. Эпостун идеялык пафосу кыргыз элинин чет жердик баскынчыларга каршы элдешпес күрөшүнө байланыштуу. Элдин жол башчысы ж-а шыктандыруучусу — Манас:

Мандайы жазы, башы кууш,
Бар боюна толду тууш,
Көркү калча, көзү тик,
Кочкор тумшук, кош кирпик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, эеги узун,
Ээрди калың, көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнүү.
Алакан жазык, кол ачык,
Аттанып чыкса, жол ачык,
Алп мүнөзү көрүнүү.
Кең көкүрөк жайык төш,
Аркасы кең, асты кууш,
Айбаты катуу, заары жуу,
Пил мүчөсү билинет.
Ал мүнөзү кармаса,
Адамдын баары бүлүнөт.

Ушул башкы образдын айланасында үчилтиктин бардык башка окуялары өнүгүп, алар негизги идеяга — кыргыздын бытыраган урууларын бириктирүү идеясына баш ийдирилет. Үчилтиктин 1-болүгү Манас баатырдын Бээжинде жеңилиши, эр жүрөк баатырлары Алмамбет, Чубак, Сыргак, Эр Көкчөнүн өлүмү, Манастын өзү да катуу жарадар болуп дүйнөдөн кайтышы м-н аяктагандыктан, эпопеянын андан ары уланышына табигый шарт түзүлөт. Үчилтиктин 1-болүмүнүн кайгылуу

аякталышы реалдуу чындык децгээлине которулгон. Манастын керээзинде уруулар арасындагы чыр-чатактар, Манас баш коштурган кыргыз элинин күч-кубатынын начарлаганы ж-дө айтылат. Манастын уулу Семетейдин торолушу келечекте атасы үчүн өч алууну алдын ала шарттайт. Ошентип, биринчи болук м-н идеялык ж-а сюжеттик жактан байланышкан экинчи болук пайда болуп, анда өз аталарынын эрдиктерин кайталап, чет жердик баскынчыларды талкалап чыккан Семетейдин ж-а анын шериктеринин турмуш жолу м-н эрдиктери баяндалат.

«Семетей» баатырдык поэмасы — үчилтиктин бир кыйла көп айтылуучу болүгү. Анын тарыхый фону болжол м-н жунгарлардын басып кирүү мезгилине туура келип (16—18-к.), окуялар О. Азия аймагында отот. Поэманын эр жүрөк каармандары баштагыдай эле адилетсиздиктин курманы болушат, бирок буга чет жердик баскынчылар эмес, элди бузган уруу башчылары же хандар б. а. ички душмандар себепкер болушат.

Ички душмандарга каршы күрөштү эпикалык баяндоого үчүнчү поэма — «Сейтек» арналат. Анда акыры адилеттик жеңип чыгат. Семетей м-н Сейтектин образдарында элдин Манас ж-дегү легенданы укум-тукумдарына сактап калууга умтулуусу көрүнөт. Эпосто кыргыз элинин тагдырына байланыштуу өтө уруттуу тарыхый окуялар ар кыл даражада чагылдырылган. Сюжеттин курулушуна Түрк кагандыгынын тарыхына байланышкан орто кылымдын алгачкы мезгили, о. эле Борб. ж-а О. Азиянын аймагындагы элдердин, уруулардын жер которуштуруусуна, ассимиляцияланышына алып келген монголдордун басып кирүү доору, Жунгар хандыгынын түзүлүш мезгили да из калтырган.

Эпостун Алооке, Шыгай, Эсенкан, Ногой сыяктуу бир топ каармандарынын прототиптери бар, бирок бул прототиптер эпостун көркөм закон ченемдүүлүктөрүнө баш ийип, бир кыйла өзгөртүлгөн. Эпостун башкы эпизоддору: а) Манастын төролүшү ж-а балалык чагы; б) Манастын жортуулдары; в) Каныкейге куда түшүп, үйлө-



Манасчы Саякбай Каралаев.

нүү; г) Кокотойдун аштары; д) Козкамандардын окуясы. Ата Мекенди коргоо үчүн Манастын тегерегине кыргыз уруулары баш коштуруу идеясы аларды бириктирип турат. Эпостун бүткүл пафосу биригүү идеясына багытталып, бул идея ар бир эпизоддо көрүнүп, дайыма конкреттүү окуяларга байланыштуу ар башка интерпретацияланат. Эпосто бытырандылык, ич ара чыр-чатак алсыздыктын белгиси экендиги ар дайым баса көрсөтүлөт:

Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман.

Душманга сокку уруу үчүн баш кошуу темасы акырындык м-н мекенди даңазалоо идеясына айланат. Мекен темасы ар башка мезгилде ар башкача түшүндүрүлгөн: кээде ал өзүнчө эле бир уруу катары айтылса, кийинчерээк эл деген түшүнүк м-н, конкреттүү аймак м-н байланыштырылат. Ата журтту даңазалоодо реалдуу ж-а идеалдаштыруу аспектилери эриш-аркак жүрөт. Мекен — жаратылыштын ажайып кубулуштары, анын март молчулугу. Кыргыздар узак жылдар бою куугунда жүрүп, Манастын башчылыгы м-н кайрылып келишкен ажайып жер — Талас эң бир сүйкүмдүү сүрөттөлөт. Таластын керемет сүрөтү — Мекендин байыркы кымбат перселеринин символу. Идеалдаштырылып жаткан объект чындыкка туура келет: кыргыздар Талас ороонун байыртадан бери мекенден келишкен.

Эпостогу жакшылык м-н жамандык түшүнүктөрүнөн архаикалык элементтерди көрүүгө болот. Ак түс өзгөчө кымбат, ал — тазалыктын, ыйыктыктын символу. Бул жоокерлердин жабдыктарын, буюмдарды ж-а жаныбарларды сүрөттөөдө даана байкалат. Манастын жоого кийүүчү сооту — Ак олпок, куралы — Ак келте, согуштук туусу — Ак асаба, шумкары — Ак шумкар, тулпары — Аккула, канжары — Ак тинте. Эпосто асылдык түшүнүгү өзүнчө бир башкача чечмелеңет. Каармандын образына мүнөздөмө берүүдө байыркы эпостун рудименттик элементтери кезигет. Манас сыйкырдуу күчкө ээ, ал каарданып тике карап койсо эле душманы апат болот. Ал жөн кишилерге окшобойт: анын карегинде калы бар. Ал жөн кишилерче күлө албайт, анын сумсайган каардуу кебетесинен эле башкалардын жүрөгү түшүп, баш ийип калышат. Анын образынан чектен чыккан откүрлүк, эбегейсиз күчтүүлүк көрүнөт:

Суу ич десе — уу ичкен,
Борк ал десе — баш кескен,
Кан төк десе — жин төккөн,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Октон кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра качпаган,
Жоо көрсө кайра баспаган.

Баатырдын сүрү, күчү арстанга, кабыланга окшоп, «көзүнөн жалын шыркыран, оозунан түтүн буркуран» турат. Бул үрөй учурчу эзелки эпикалык образ адегенде жаратылыш, кийин ал каармандыкты, эрдикти билдирген образга өткөн. Эпостун эволюциясынын кийинки мезгилдеринде Манастын айкөлдүгү, ак ниеттиги даңазаланат. Айрым манасчылардын Манасты феодалдык окумдар хан катары мүнөздөөгө аракеттенгендигине карабастан, ал нагыз элдик баатыр бойдон калган. Душмандар м-н болгон бардык кагышууларга Манас кадыресе жоокер катары катышкандыктан гана жеңиш камсыз кылынат. Манас бийликке да умтулбайт, өзөндөн улам Бээжиңге болгон Чоң казатта жол башчылык кылууну ал адегенде акылман Бакайга, кийин Алмамбет баатырга тапшырат. Манастын улуулугу аны ар дайым көптөн жүргөн көшүүну — атактуу кырк чоросунун образдары аркылуу баса көрсөтүлөт. Чоролордун эң атактуулары Алмамбет, Чубак, Сыргак ж. б. Манастын ысмы аларды эрдикке шыктандырат. Алардын ар бири белгилүү касиеттерге ээ. Манас — жанда жок баатыр, ашкан балбан, токтоо, айкөл, жоонун сырын билген кол башчы; Бакай — акылман, баатыр; Алмамбет — ишенимди туу тутқан, достукту ыйык сактаган баатыр, жайчы; Сыргак — эпчил, чыдамкай, эр жүрөк. Эпостун башкы каармандарынын улуулугун ого бетер күчөтүүдө терс персонаждарды мүнөздөө да белгилүү милдет аткарып турат. Манастын башкы душманы Коңурбайга арамзалык, алдамчылык, айлакердик, ичи тардык мүнөздүү:

Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Эки көздүн кычыгы,
Ачылып калган көрө окшош.
Ай маңдайдын кеңдиги,
Жайлоодогу төрө окшош.

Эпостогу образдардын шокоттолүшүн эл-жеринен ажыраган Алмамбеттин арман монологдору терендетет. Ал Манастын эң жакын жардамчысы, эң жакшы көргөн чоросу болгонго чейин ар кай жерде тентип жүрөт. Акыры Манастын ордосуна жетип, анын: «Кайсы элденсиң» — деген суроосуна жооп кылып мындай дейт:

Балапан учун уядан,
Ыгын билбей конордун,
Канатым талып жыгылып...
Жолдо калган бир жанмын,
Чылбырын үзгөн тулпармын.

Алмамбеттин образында салыштыруулар аркылуу психологизмди терендетүү тенденциясы байкалат. «Манас» эпосунда каармандардын ички дүйнөсүн поэтикалык жактан ачууга жакындагандык байкалат.

Кыргыз эпосундагы аялдардын образдарында эң алды м-н сулуулук эмес, көчмөн малчылардын турмушунда калыптанган этикалык сапаттар даңазаланат. Аялдарда биринчи кезекте эр жүректүүлүк, акылдуулук, чебердик, ишмердик өзөндөн кийин гана сыртқы чырайы бааланат. Эпостогу аял — эне, очок эзеси гана эмес, эр жүрөк жоокер. Манастын аялы Каныкей кыйын учурларда жоо-жарагын алып, чачын тобосуно түйүп, туулга кийип, тулпар минип, жоого каршы аттанат. Тынчтык күндөрдө ал — теңдешсиз чебер, уз. Эпостун главаларының биринде Каныкейдин түн уйкусун көчүп, тоо текелердин терисинен Манаска кандагай тиккени, мындайча айтылат:

Ашаткысын эринбей,
Аярлык менен Каныкей.
Жез челекке жаткырып,
Алма кабык алдырып,
Алты ай малма салдырып.

Астары ушунчалык бышык болгондуктан, ага ок өтпөйт, найза тешпейт, ал өтө да күйбөйт. Эпос көркөм кол өнөрчүлүктү ар тараптан мүнөздөп даңазалайт, анда айтылган ар бир буюм утилитардуу, керектүү, бирок бул кадыреселик буюмдун кооздугуна, жасалуу өнөрүнө, оюуларынын түрлөрүнө суктануусуз тоскоол болбойт. Буюмдарды мындайча көркөмдөп берүү эпостогу зарыл поэтикалык ж-а салттуу ыкмалардан. Айрыкча Манастын кийими, жоо-жарактары кеңири сүрөттөлөт. Манастын ак олпогуна келтенин огу өтпөйт, кылыч кеспейт. Буюмдар гана эмес, баатырлар минген тулпарлар да майда-баратына чейин сүрөттөлөт. Көчмөн элдердин дастандарында тулпардын сымбаты, чаалыкпастыгы, күлүктүгү баатырлар м-н бирдей эле даңазаланат. Ат — жандуу табияттын эң сонун образы, ал баатырдын жеңишине эпчилеш. Атсыз баатыр канатсыз куштай. Ат жабдыктарын сүрөттөөгө да кыйла орун берилет. Эпосто реалдуу дүйнөдө объективдүү жашагандардын баары, жаратылышта кездешкен адам эмегинен жаралгандардын баары сонун. Эпосто үрөй учурган коркунучтуу желмогуздар ылас, кара ниет күчтөрдү түзөт. Бирок аларды акыр аягында элдик баатыр жеңип чыгат. Жалгыз көздүү Макел дөө — душмандын гиперболалык образы. Анда гротеск формасында бардык терс сапаттар топтолгон. Анын кебете-кешпири фантастикалык тири укмуш: козу жалгыз, үнү ачуу, депеси түктүү:

Байкаса адам үн ондүү, Күркүрөгөн күн ондүү
Оозун ачып сүйлөсө, Андан көрсө дидары
Ообо жарган обозу Ажыдаар түр ондүү.

Кас күчтөрдү Макел дөө гана эмес, анын итиркейди келтирген аскерлери да чагылдырат: «кийим ордуна чачтары, таанылбай кары жаштары». Кыргыз эпосунун идеялык-көркөм мазмуну жомок м-н реалдуу турмуштун ширелишине, алардын тыгыз айкалышына таянат. Түрк элдеринин маданиятына ислам кире баштаган мезгилден араб-пран маданияты ал элдерге зор таасир тийгизген. Кыргыз эпосуна тагдырды мусулман дининдегидей түшүндүргөн элементтери кире баштаган. Ар кандай олуялардын: Айкожонун, Кырк чилтендин образдары пайда болот. Алар Манасты эң кыйын салгылаштарда колдошот. Кээде Манас душмандарын ошол олуялардын жардамы м-н гана жеңет. Ушуну м-н бир-



«Манас» эпосунун редколлегиясы кезектеги томдун кол жазмасын талкуулоодо. 1980.

ге эпосто байыркы мифтик ж-а анимисттик түшүнүктөр да кыйла орунду эзелет.

Эпостун тили образдуулугу, байлыгы ж-а элестүүлүгү м-н айырмаланат. Анда фольклордун санат, насыят,



«Манас» ар түрдүү тилдерде.



Кыргыз фольклор жыйноочусу Ы. Абдырахманов, жазгыч акын Тоголок Молдо ж-а манасчы С. Каралаев.

кошок, жомок сыяктуу жанрлары органикалык түрдө айкалышкан. Эпостун көркөм арсеналы катары макалылакаптар да өтө кеңири пайдаланылып, алар каармандардын мүнөздөрүн терең ачууга жардам берет. Оозеки чыгармачылыктын жанрларын пайдалануу турмуш тиричилик материалын ар тараптан камтууга шарт түзөт. «Манас» элдик адабияттын эң ири эстелиги катары кыргыз тилинин калыптанышында, анын диалектилеринин жакындашында, грамматикалык нормаларынын такталышында, сөздүк составынын байышында баа жеткис роль ойногон. «Манастын» тарыхый-маданий маанисин анын кылымдар бою кыргыз элинин этикалык нормаларынын, улуттук мүнөзүнүн калыптанышына олуттуу таасир тийгизип келгендигинен да көрүнөт. Эпос адамдардын бири бирине болгон өз ара мамилелериндеги этикалык нормаларды даңазалайт, ушундан улам ал биздин күндөрдө да өзүнүн тарбиялык маанисин жоготкон жок. «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк мыкты үлгүлөрүнүн арасында татыктуу орунда турат.

Р. З. Кыдырбаева

АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫ

Акындар поэзиясы — кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгы м-н тыгыз байланышта өнүккөн классикалык поэзиянын бир бөлүгү. Акын, ырчы — оозеки поэтикалык чыгармаларды комуз, кыяк ж. б. аспаптардын коштоосу м-н аткарган токмо. Акындар фольклорду үйрөнүп, андагы сюжеттерди өзүнчө чыгармачылык м-н кайра иштеп чыгышат. Акындардын дээрлик көпчүлүгүнүн эске тутуу жөндөмдүүлүгү өтө мыкты келет, о. эле аларга турмушту терең билүү, сезимталдык, артисттик шык мүнөздүү.

Акындар шарттуу түрдө төмөнкүчө бөлүнөт: жамакчы — мактоо, кордоо ырларын ырдоочулар; жомокчу — эпикалык чыгармаларды аткаруучулар; пускоочу — филос. мазмундагы насаат ырларды жаратуучулар. Алардын ортосунда так айырмачылык жок. Акындардын көпмердиги көп кырдуу: алар айтыштарга—атайы акындык күчтү сынашкан мелдештерге, элдик жыйындарга, аш-тойлорго катышкан. Айрым учурларда жарчылардын милдетин аткарган.



Токтогул Сатылганов.

Улуу Окт. рев-ясына чейин, кыргыздар жазуу-сызууга эө боло элек-те акындар өз чыгармаларында элдин ой-тилегин, мүдөөсүн чагылдырышкан. Көтбука (12-к.), Асанкайгы (15-к.) сыяктуу акындардын чыгармалары биздин күнгө чейин жеткен. Акындар поэзиясы 19-к-дын 2-жарымында дүркүрөп өскөн (Бекмурат, Эсенаман, Чөңду, Айтыке, Накен, Сартбай, Калмырза, Найманбай, Солтобай, Ботобай, Ташмат, Жеңижок ж. б.). Кетмен-Тобо, Талас өрөөндөрүндө ғана 19-к-дын аягында — 20-к-дын башында 60тай акын жашаган. Акындар поэзиясында 2 агым болгон: реакциячыл ж-а демокр. Реакциячыл багыттагы акындар эзүүчүлөрдүн бийлигин бекемдөөгө умтулушуп, феод.-уруучулук түзүлүштүн ыдырашын «акыр заман» деп эсептешкен. Алардын ырларында пессимисттик ойлор чагылдырылган. Адабият таануууда бул поэзия «замана поэзиясы» деп аталат. Көрүнүктүү «заманачылар» Калыгул (1785—1855), Арстанбек (1824—1878), Молдо Кылыч (1866—1917). Калыгулдун «Акыр заманында», Арстанбектин «Тар заманында», Молдо Кылычтын «Зар заманында» шарыяттын жол-жобосун тутуу ж-дө чакырык айтылат. Демокр. багыттагы акындар феод. доордун былыктарын ашкерелеп, эмгекчил элдин таламын талашкан. Өз доорунун алдыңкы ойчулдары катары элдин социалдык турмушунун маанилүү маселелерине кайрылышкан. Адам укугу, а. и. кыргыз аялынын азаттыгы ж-дегү маселе өзгөчө орун эээлеген. Эмгекчилер массасын ойготууга умтулушуп, эзүүчүлөргө каршы күрөштө бирдиктүү болууга чакырышкан.

Көп акындар, комузчулар, композиторлор жокчулук турмушта жашашкан. Айылдан айыл кыдырып, аш-тойлордо салт ырларын ырдашкан. «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» ж. б. дастандарды аткарышкан. Эл алдына чыгып ырдоо м-н акындар коомдук турмуш ж-дегү өздөрүнүн көз караштарын, асыл тилектерин билдиришкен. Акындар поэзиясынын мыкты үлгүлөрүнө терең мазмун, жеткилең көркөмдүк, кайталангыс чыгармачылык мүнөздүү. Эсенаман (1833—1913) ашкерелөөчү ырлар м-н дастан айтуунун чебери болгон. Көп акындар дастан аткарууну андан үйрөнүшкөн. Калмырза (1866—1910-ж. ч.), Найманбай (туулган ж-а өлгөн жылы белгисиз) мактоо, кордоо ырларын жаратышкан. Жеңижок (1860—1920) жаратылыш кооздугун даңазалаган. Анын «Аккан суу», «Биздин жер» сыяктуу ырлары кеңири белгилүү. Пейзажчы акындардын катарына «Чөп ырчы» атыккан Калмамбетти (1925-жыл ченде өлгөн) да кошуу керек. Ал Түш. Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү, чөптөрү, бак-даракталры ж-дө ырлар чыгарган.

Кыргызстан Россиянын составына өз ыктыяры м-н кошулгандан кийин патриархалдык-феод. түзүлүштүн ыдырашы күчөгөн. Кыргызстанга прогрессчил орус маданиятынын идеялары тарай баштаган. Таланттуу акын ж-а композитор Токтогул Сатылганов (1864—1933) — кыргыз поэзиясындагы демокр. жаңы багыттын эң көрүнүктүү өкүлү. Айтыш өнөрүнүн устаты болуу м-н бирге «Жаныш-Байыш», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш» д. у. с. элдик дастандарды чебер аткарган. Токтогулдун жаш кезинде чыгарган лирикалык ырлары — «Алымкан», «Айымжан», «Насылкан» ушул күндөргө чейин эл ичинде дайыма ырдалып келатат. Анын чыгармачылыгында «Беш каман», «Эшен-калпа», «Папы калпа», «Чакырбай суткор», «Эселбайдын үйлөнүшү» ж. б. сатиралык ырлары көрүнүктүү орун ээлейт. Эзүүчү таптардын өкүлдөрүн ашкерелегендиги үчүн алар Токтогулду куугунтукташкан. 1898-ж. 3-августа Токтогул жалган жалаа м-н камакка алынып, Сибирге сүргүнгө айдалган. 1904-ж. ал качып чыгып, мекенине кайтып келет. Ошол мезгилдеги «Кош, элим», «Кош, апаке!», «Азапка түштү өмүрүм», «Туткунда жүргөндө» сыяктуу ырларында өз тагдырына кайгыруу м-н бирге элдин оор турмушуна жаны ачыйт:

Казак, кыргыз, өзбектен, Кайгы тартып мен өндүү
Орус менен погойдон, Кармалып келген эл экен.
Карасам адам көп экен.

Кыргыздын жаңы, жогорку идеялуу демокр. поэзиясынын негиз салуучусу Токтогул акындардын бүтүндөй бир тобун тарбиялаган. Атактуу акындар Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Калык Акыев, Алымкул Үсөнбаев, таланттуу ырчылар Эшмамбет Байсентов, Коргол Досуев анын татыктуу шакирттери ж-а жолун жолдоочулары болуп эсептелишет.

Кыргыздын оозеки ж-а жазма адабиятынын өнүгүшүндө таланттуу агартуучу жазгыч акын Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов, 1860—1942) зор роль ойногон. Анын калеминен «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу», «Чалга берген кыздын арманы» ырлары, «Кожопун ачкемеси», «Селде оронгон молдо кой» ж. б. сатиралык ырлары жаралган. Тоголок Молдо кыргыз адабиятында биринчилерден болуп тамсил («Каркыра менен Түлкү», «Эшек менен Бүлбүл») жазган. Анын сатиралык ырлары м-н «Кемчонтой», «Бабыркан» сыяктуу поэмаларында эзүүчү таптын жатып ичердигин ж-а ач көздүгүн ашкерелеп, «Суу кушу менен боз кушу» поэмасында коомдун социалдык карама-каршылыктарын аллегориялык формада чагылдырган:

Жүгүбүз оор, Таманыбыз туурулдук,
Жонубуз жоор, Заманыбыз куурулдук.
Мурдубуз жырылдык, Тендик болобу?
Бурандан жыгылдык.

Таланттуу акын Барпы Алыкулов (1884—1949) ырларын падышалык чиновниктердин ж-а жерг. бай-манаптардын көп кабат эзүүсүндө калган элдин оор абалына арнаган («Залим хандар азабы», «Теңдик бир күн жарк этер» ж. б.). «Мадали ажыга», «Алдамчы эшен», «Токтогул менен жолугушуу» д. у. с. ырлары атеисттик идеяга сугарылган. Ал акындын башкы милдети комоматчы болбоо, элге кызмат кылуу деп билген:

Ак кымкантан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы болго албайм.





Ленин жөнүндө алгачкы ыр жыйнактары: 1. Тоголок Молдо. «Насылят». 1925. 2. А. Токомбаев. «Ленин тууралуу». 1927.

Жазгыч акын Ысак Шайбеков (1880—1957) Тоголок Молдо ж-а Барпы Алыкулов м-н бир мезгилде жашаган. Анын «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл» деген чыгармалары тарыхый ырлар жанрына кирет. Ал ырлардын каарманы — эл. Ы. Шайбековдун ырлары Окт. рев-ясынан кийин ғана жарык көргөн.

Калык Акыев (1883—1953) чыгармачылыгын токмо акын, комузчу катары баштаган. Анын рев-яга чейинки чыгармаларынан «Зилзала» поэмасы белгилүү. Ы. Шайбеков түн. кыргыздардын укуксуз абалы ж-дө жазса, К. Акыев Түш. Кыргызстандагы элдин оор турмушу ж-дө баяндайт. Калык Акыев — элдик оозеки чыгармачылыкты өркүндөткөн чоң чебер. Совет бийлигинин жылдарында анын айтуусунда «Курманбек», «Кедейкан» сыяктуу поэмалар, жомоктор, элдик күүлөр жазылып алынган.



Кыргыз эл акындары К. Акыев, Тоголок Молдо казак эл акыны Жамбыл м-н.

Улуу Окт. рев-ясын кубанып тосуп алган акындар эркиндик, соц. жаңы доор ж-дө элге жар салышкан. Октябрдын жеңишинен кийин акындар социализм үчүн күрөшкө белсене катышкан: партия м-н өкмөттүн көрсөтмөлөрүн түшүндүрүшкөн, айыл советтеринде иштешкен, басмачыларга каршы күрөшкөн. Октябрдан кийинки көптөгөн ыр-поэмаларга үгүт-насыят тенденциясы мүнөздүү. Токтогул «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду!» деген ырында кыргыз адабиятында биринчи жолу В. И. Лениндин образын түзгөн. «Кашасын кеңеш өкмөт», «Замана», «Эркиндик таңы атканда» ырларында сов. турмуш сүрөттөлгөн. Тоголок Молдо соц. курулушка жигердүү катышкан. Октябрдан соң ал «Өзгөрүш», «Эркиндик», «Кедейлерге насыят» поэмаларын жазган. «Сырым», «Конституция», «Бактылуумун» сыяктуу чыгармаларында социализмдин жеңишин элестүү чагылдырган. Б. Алыкуловдун «Партияга», «Биздин туу», К. Акыевдин «Нур заман», «Ленин жөнүндө», А. Жутакеевдин «Коммунисттик партия», «Кеңеш өкмөтү» ж. б. акындардын ырлары ушул темага арналган. Совет бийлиги үчүн күрөштүн жылдарында Токтогулдун «Басмачынын огу жок», «Байышбай кармалганда», Тоголок Молдонун «Абдыназарга», Б. Алыкуловдун «Басмачылар», «Макамбайдын каргышы» ж. б. ырлары жаралган. Коллективдештирүү мезгилинде акындар колхоздун артыкчылыктарын түшүндүрүшү, дыйкандын күжүрмөн эмгегин даңазалаган («Биздин колхоз Кызыл-Туу», «Колхоз жөнүндө», «Колхозчулар», «Колхоздо», «Кайлоо»). Акындардын чыгармаларынын тематикасы жылдан жылга сов. чындык м-н байый берген. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында акындар сов. элди Ата Мекенди коргоого, баатырдык эмгеги м-н Кызыл Армияга жардам берүүгө үндөгөн. Тоголок Молдонун

Кыргыз акын-жазуучулары Советтер Союзунун баатыры И. В. Панфилов атындагы дивизиянын гвардиячылары м-н. 1942. Фрунзе.



«Биз жеңебиз», «Биз даярбыз», «Армияга арнайлы», «Жетишкенбиз, жеңебиз», Барынын «Душманды жеңип алабыз» аттуу ырлары жеңиш ишенимине терең сугарылган. Б. Алыкулов, К. Акыев, О. Болобалаев, А. Үсөнбаев, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев Ата Мекенди коргоо темасында көп чыгармалар жазышкан. Көп акындар концерттик бригадалар м-н фронттордо да болушкан. Согуштан кийинки жылдарда О. Болобалаевдин «Ашымжан», А. Үсөнбаевдин «Комуз», К. Акыевдин «Ырлар», Б. Алыкуловдун «Тилек» аттуу ырлары ж-а поэмалары, башка токмо акындардын чыгармалары басмадан чыккан. Акындар поэзиясы фольклордон жазма адабиятка өткөөл этап болуу м-н кыргыз совет адабиятынын профессионал адабият катары калыптанышында өзгөчө роль ойногон. Бүгүнкү күндүн акындык поэзиясы өткөндүн мыкты салттарын сактап, жаңы мазмун м-н тынымсыз толукталууда. Акындар Ы. Борончиев, Т. Шабданбаев, Ш. Токтобаев, А. Бердибаев, Э. Турсуналиев, Т. Тыныбеков, А. Чоробаев, Т. Абдиев, З. Үсөнбаевдин чыгармачылыгында сов. чындык таасын чагылдырылат. Акындардын айтыштарда даана көрүнгөн токмолук өнөрү азыр да улантылып, элге кеңири таралууда. Токмо акындардын ырларында, айтыштарында алдыңкы тажрыйба пропагандаланып, адамдардын турмуш-тиричилигиндеги ж-а аң-сезиминдеги эскинин калдыктары сындалат. Малчылар күнү, Түшүм майрамы д. у. с. салтанаттарда айтыш өткөрүлөт. Акындык поэтикалык ыр жанрынын онүгүшү — нукура улуттук маданияттты ыйык сактоонун күбөлөрүнүн бири.

Ж. Ташгемиров

СОВЕТ АДАБИЯТЫ

20-жылдардагы адабият. П о э з и я. Улуу Октябрь жаратkан кыргыз совет адабияты — СССРдин көп улуттуу адабиятынын ажырагыс бөлүгү. Токтогул Сатылганов м-н Тоголок Молдо кыргыз акындарынын чиңне биринчилерден болуп Октябрдын жеңишин даңазалап ырдап чыгышкан. Токтогулдун «Жашасын кеңеш өкмөт», «Кандай аял тууду экен, Ленинди уулду!» (бул ырлар 1918—20-жылдары ырдалган) деген ырлары акындын жеке чыгармачылыгында гана эмес бүткүл кыргыз поэзиясында жаңы этаптын башталышы эле. Токтогул улуу көсөмдүн образына кыргыз акындарынын ичинен биринчи кайрылган. Бул ыр СССР элдеринин он бешинин тилине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыккан (Фрунзе, 1965). Тоголок Молдо салттуу жанрда «Насыят» поэмасын жазып, ал араб алфавитинде Москвада басылган (1925). Акын рев-яны даңазалап, элди аның жеңип алгандарын коргоого чакырган. Жазгыч акындар А. Жутакеев м-н Ы. Шайбековдун чыгармачылыгы да рев-лык мазмунга сугарылган. 1924-жылдын ноябрына чейин кыргыз авторлорунун айрым ырлары казак басма сөз органдарында басылып турган. Алардын ичинде К. Баялиновдун «Максатыма жетемби» (1923), «Биз ким элек, ким болдук?» (1924), К. Тыныстановдун «Таң» (1920) аттуу ырлары бар эле.

1924-ж. 7-ноябрда «Эркин Тоо» (азыркы «Советтик Кыргызстан») газетасынын 1-саны чыккан. Газетанын чыгышы араб алфавитине негизделген улуттук жазманын, басма сөздүн, профессионал адабияттын өнүгүшүнө чыйыр салып, кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а маданий турмушунда зор окуя болду. Улуттук жазманын, басма сөздүн жаралышы м-н кыргыз профессионал адабияты өнүгө баштады. Аның калыптануу ж-а өнүгүү процесси А. Токомбаев, К. Баялинов, М. Элебаев, М. Токобаев, Ж. Боконбаев, К. Маликов ж. б. жазуучулардын ысымдары м-н байланыштуу. А. Токомбаевдин «Эркин-Тоонун» 1-санына жарыяланган «Октябрдын келген кези» аттуу ыры — акындын басмага жарыяланган туңгуч чыгармасы. А. Токомбаев чыгармачылык жолунун башталышында «Чалкар», кийин «Балка» деген псевдоним м-н чыккан. Аның «Көшөвгө», «Чалкар — менмин», «Менин үнүм», «Он чылык» чыгармалары курч саясий үгүт мүнөздө жазылган. Акын көркөм сөздүн таасиринин зор күчүн терең түшүнүп, контррев-яны ж-а адамдардын аң-сезиминдеги патриархалдык-феод. калдыктарды ашкерелейт. Туңгуч ырлар жыйнагына («Ленин тууралуу», 1927) кирген Ленин темасындагы чыгармаларында («Ленин жөнүндө көшөк», «Жаштар Ленинди жоктошот», «Ленин») акын жол башчынын мезгилсиз дүйнөдөн кайтканына кайгырып, эмгекчилерди Ленин көрсөткөн жол м-н кыйшаюусуз алга баруурга чакырат.

1929-ж. жарыкка чыккан «Аялдар айнеги» жыйнагында кыргыз аялдарынын жаңы турмушу рев-яга чейинки оор тагдырына карама-каршы коюлат.

Тарыхый шарттардын өзгөчөлүгү кыргыздардын көркөм ой жүгүртүүсүнө өз изин калтырган. Кыргыз совет поэзиясынын калыптануу мезгилинде акындар элдик ыр формасын, салттуу образдарды, салыштырууларды, метафораларды колдонушкан. Мукай Элебаев «Зарыгам» (1924) деген ырында карацгычылыкка каңырыгы түтөп, кыргыз жаштарынын билим алууга ынтызарлыгын чагылдырган. Чыгарма арман жанрында жазылса да, оптимисттик таасир калтырат. Маданий рев-я темасы онүктүрүлгөн «Биздин жаштар» (1928) ырында да автор кыргыздардын балдары Москва, Ташкен, Алма-Ата ж. б. сыяктуу СССРдин шаарларынан окуй баштаганын кубаттап сүйүнөт.

Жусуп Турусбеков «Ленин жолу» (1929) ырында пролетардык интернационализмдин маркстик-лениндик идеясын элестүү ачып көрсөткөн:

Ленин жолу — ташка тамга баскан жол,
Эчен кыя, белестерди ашкан жол.
Таяк карман
Шымы жаргак,
Муруп зардап

Жүргөндөрго: «Кол берилеп!» — сунган кол.

Кубанычбек Маликовдун «Чыңдыкка», «Сен койсоң да, мен койсом», «Таш күзгүнүн түбүндө» сыяктуу сатиралык чыгармаларында айтыш формасында жаңы мораль кубатталып, мещанчылык айыпталат. Жоомарт Боконбаев «Жер алган кедейлерге» (1927) деген ырында дыйкандарга жер-суу берген Октябрь рев-ясын даңазалайт. Рев-яга чейинки кунарсыз Кыргызстанды символикалык образдар аркылуу сүрөттөп, ага учурдагы турмушту («Жаңы Чүй», «Бир кездө», «Алай») карама-каршы коёт. «Эмгек», «Таң атканда жумушчу», «Кырманда», «Жаз» сыяктуу ырларында эркин эмгек даңазаланат. Бирок Ж. Боконбаевдин алгачкы ырлары башка жаш акындардыкындай эле көбүнчө декларациялуулугу м-н аксайт. Биринчи беш жылдыкта респ-када зор өзгөрүүлөр болот. Ө. ж. өнүгө баштайт, таш көмүр шахталары курулуп, жумушчу табынын улуттук кадрлары өсүп чыгат. Ж. Боконбаев кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп жумушчу табы ж-дагу теманы өздөштүргөн. 1930-ж. акын Кызыл-Кыя, Кок-Жаңгак, Сүлүктү шахталарында болуп, шахтёрлордун турмушуна арналган «Сүлүкту» поэмасын жазган.

П р о з а. Кыргыз профессионал прозасы Касымалы Баялиновдун «Ажар» (1927) повестинен башталат. Повесть 1916-ж. которулуп жеңилген соң Кытайга көчкөн кыргыз эмгекчилери туш келген кайгылуу окуялар ж-дө баяндап, терең гуманизм м-н айырмаланат. Башкы каарман Ажар карацгылык м-н түркөйлүктүн курмаңы болот, бирок аның өмүрү, азаттыкка умтулуусу текке кетпейт. Повесть тез эле сов. ж-а чет өлкөлүк окурмандардын арасында зор кызыгууну пайда кылган. Бул повесть — кыргыз адабиятынын орус, кийин француз, немец, англис, чех тилдерине которулган алгачкы чыгармаларынын бири. 1924-ж. казактын «Жас кайрат» журналына К. Тыныстановдун «Көл жээгинде Мариям менен» аттуу аңгемеси жарыяланган. 1928—29-ж. Сыдык Карачевдин «Эркиндз күндөрдө», «Эрик таңы» аттуу чакан повесттери басылган. 20-жылдарда респ-канын мезгилдүү басма сөзүндө көптөгөн сүрөттөмө, фельетон, очерктер жарыяланган.



«Ажар» — кыргыз профессионал прозасынын туңгуч үлгүсү. 1928.

Д р а м а т у р г и я. Улуттук драматургиянын тарыхы Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» (1926) пьесасынан башталат. 20-жылдардын адабиятында аялдарды азаттыкка чыгаруу темасы маанилүү орун ээлеген. Драмада томаяктардын рев-яга чейинки оор турмушу, алардын тиричилиги, элдин каада-салттары кеңири социалдык фондо сүрөттөлөт. Жаш калемгердин чыгармачылык тажрыйбасы жетишсиздигине карабастан (бул мүнөздөрдүн схемалуулугунан, сюжеттин бир беткейлигинен көрүнгөн) пьеса чоң окуя болуп, жаңы жаза баштаган авторлорго драматургия жагында иштөөгө түрткү берген.

Касымалы Жантөшевдин чыгармачылык ишмердиги Фрунзедеги педтехникумда окуп жүргөн жылдарда башталган. Ал М. Элебаев, Ж. Боконбаев, К. Маликов м-н бирге «Балапан» дубал газетасына чакан ырларды, макалаларды ж-а аңгемелерди жарыялап турган. Кыштакта Совет бийлигин бекемдөө үчүн болгон күрөш 20-жылдардагы негизги темалардан болгон. Бул теманы К. Жантөшев өзүнүн «Чабандар» аттуу алгачкы пьесасында ачып берген. 1928-жылдан педтехникумдун алдындагы драма ийримининн мүчөлөрү тарабынан, кийин театр студиясында «Алым менен Мария», «Карачач» пьесалары коюлган. Бул пьесаларда да «Кайгылуу Какейдегидей» эле тап душмандары ашкерелеңген.

Кыргыз драматургиясы пайда болгондон тартып орус элинин театр маданияты ж-а кыргыз фольклору м-н тыгыз байланышта өнүккөн. Өткөндү ж-а учурду контрасттуу чагылдыруу жаңы гана калыптанып келаткан көркөм сөз өнөрүнүн кеңири колдонгон ыкмаларынан болгон. Бул ыкма совет адабиятында, бөтөнчө СССРдин чыгыш респ-каларынын адабияттарында кеңири тараган. О. Азия ж-а казак жазуучуларынын (С. Айни, Хамза, Айбек, М. Ауэзов, Б. Кербабаев, С. Сейфуллин, С. Муканов ж. б.) көпчүлүгү сыяктуу эле кыргыз жазуучулары А. Токомбаев, М. Элебаев, Ж. Боконбаев, Ж. Турусбеков, К. Маликовдор Октябрга чейинки доорго (өз көздөрү м-н көрүшкөн ж-а жакшы билишкен элдин оор абалына) байланышкан темаларга көбүрөөк кайрылышкан.

Улутчул маанайдагы жазуучулар башка позицияда турушкан. Касым Тыныстановдун айрым чыгармалары мурда кыргыз м-н казактарда тап ж-а тап күрөшү болгон эмес деген улутчул мүнөздөгү «алаш ордочулардын» идеологиясын чагылдырган. «Калемге», «Курбума», «Ала-Тоого», «Алашка» аттуу ырлары, «Жаңыл Мырза» поэмасы автордун саясий жактан жетилбегендигин далилдейт. Таланттуу акын, «Интернационалдын» туңгуч котормочусу, алгачкы илимпоз, кыргыз тил илимине негиз салуучу К. Тыныстанов өзүнүн көркөм чыгармачылыгында реалисттик позицияга ишенимдүү которулө алган эмес. 20-жылдарда чыгармачыл жаштарды тарбиялоо иштери, бир жагынан буржуазиялык улутчул идеологияга, реакциячыл салтка, экинчи жагынан, солчул, пролеткульттук тенденцияларга каршы күрөш м-н бирге жүргүзүлгөн. Идеологиялык жаңылыштыктарды жоюуда кыргыз жазуучуларынын маркстик-лениндик теорияны өздөштүрүүсү, партиялык басма сөздүн буржуазиялык улутчулдукка каршы активдүү күрөшүүсү чечүүчү роль ойногон. РКП(б) БКнын 1925-ж. 18-майдагы «Партиянын көркөм адабият жагында саясаты жөнүндө» токтому адабиятты онүктүрүүдө зор маанеге ээ болгон. Бул токтомдо жазуучулардын ар кандай топторуна карата мамиле так аныкталып, партиялык-сов. органдардан «биздин Союзубуздун көптөгөн республикаларында жана областтарында улуттук адабиятты онүктүрүүгө айрыкча көңүл бөлүү» талап кылынган. Ушул токтомдун негизинде Кыргыз Автономиялуу Респ-касынын Аткому 1927-ж. Кыргызстан пролетар жазуучуларынын ассоциациясын түзүү ж-дө атайын чечим кабыл алган. 1927-ж. Фрунзедеги педтехникумдун алдында «Кызыл Кыргызстан» газетасынын демилгеси б-ча «Кызыл учкун» адабий ийрими уюштурулуп, ал реакциячыл тенденцияларга каршы күрөштө чоң роль ойногон.

Айылды советтештирүү, маданий-агартуу маселелери, аялдар азаттыгы, Коммунисттик партиянын ыкташтыруучу ишмердиги 20-жылдардын адабиятынын башкы тематикасын түзгөн. Айрыкча В. И. Ленинге көптөгөн чыгармалар арналган. Бул мезгилдин негизги жанры — поэзияга идеялык мазмундун жакылыгы, эмоционалдуулук ж-а фольклор м-н тыгыз байланыш мүнөздүү болгон. Бирок ал окурмандардын өсүп келе жаткан эстетикалык таламдарын али канааттандыра алган эмес. Кыргыз адабиятында 20-жылдарда калыптана баштаган жаңы адамдын айрым гана белгилери чагылдырылган. Кургак дидактика иллюстрациялуулукка, схемалуулукка алып келген. Албетте, бул кыргыз адабиятында соц. реализмдин калыптануусунун татаал процессинде учурабай койбой турган көрүнүш эле. Жазуучулар орус тилин үйрөнүп, марксисттик-лениндик эстетика б-ча түшүнүктөрүн кеңейткен сайын турмушту чагылдыруунун реалисттик каражаттарын издөө жеңиштүү боло баштаган.

30-жылдардын адабияты. 30-жылдардын башталышында респ-кадагы экон. ж-а маданий курулуштун зор ийгиликтери кыргыз совет адабиятынын онүгүшүнө чечүүчү таасир тийгизип, жаңы этапты ачты. Биринчиден уюму болбогон кыргыз адабиятчылары (кыргыз жазуучулары — «Кызыл учкун» ийримине, орус жазуучулары — Кыргызстан пролетар жазуучуларынын ассоциациясына кириишкен; дунган, өзбек секциялары өзүнчө иштеген. Респ-када 23 адабий ийрим болгон) 1930-ж. Кыргызстан пролетар жазуучуларынын ассоциациясына биригип, РАППтын составына кирген. ВКП(б) БКнын 1932-ж. 23-апрелдеги «Адабий-көркөм уюмдарды кайра куруу жөнүндө» токтомуна ылайык ВКП(б)нин Кыргыз обкому 1932-ж. июнда Кыргызстан пролетар жазуучуларынын ассоциациясын кайра түзүү ж-дө чечим чыгарган. Туңгуч конф-я чакырылып, 36 жазуучунун биригтирген Кыргызстан сов. жазуучулар союзунун уюштуруу комитети түзүлгөн. 1934-ж. 22-апрелде респканын жазуучулар союзунун 1-съезди ачылып, анда союздун председатели А. Токомбаев кыргыз адабиятынын онүгүшү ж-дө кеңири доклад жасаган. Съездде көркөм адабияттын идеялык деңгээлин ж-а сапатын жогорулатуунун милдеттери м-н бирге уюштуруу маселелери, дунган, өзбек, орус секцияларынын иш пландары каралган. 1934-ж. августта Москвада өткөн сов. жазуучулардын Бүткүл союздук 1-съездине кыргыз адабиятчыларынан А. Токомбаев, Ж. Турусбеков, М. Элебаев, К. Маликов, Ж. Боконбаев, К. Баялинов катышкан. Бардык улуттардын адабият ж-а искөрмөлөрү катышкан сов. жазуучулардын ж-а с... лөрдүн бүткүл союздук, респ-калык съезддери, ... малардын пленумдары, чыгармачыл союз...




Алгачкы адабий ийрим «Кызыл учкундун» мүчөлөрүнүн бир тобу. Биринчи катардагылар оңдон солго: М. Абдукаримов, Т. Байжиев, К. Маликов; экинчи катардагылар: М. Элебаев, С. Сасыкбаев, К. Жантөшев, З. Бектенов, У. Абдуканмов; үчүнчү катардагылар: М. Кырбашев, Ж. Жамгырчиев, Ж. Боконбаев, К. Жумашев.

кандай массалык иш чаралары тажрыйба алмашууга, көркөм маданиятты жемиштүү өнүктүрүүгө түрткү берген. Респ-канын областтарында жазуучулар союзуна баш ийген 20 адабий ийрим уюштурулуп, алардын ишине айылдык таланттуу жаштар катышкан. Кыргызстандын партиялык уюму м-н өкмөтү респ-канын жазуучуларынын идеялык-теориялык деңгээлин жогорулатуу үчүн бардык зарыл шарттарды түзгөн. 1934-ж. партиянын кыргыз обкому акын, жазуучу, сынчы, газета-журналдардын редакторлору, кабарчылары катышкан кеңешме откоруп, анда жазуучу, сынчыларга реализм методун өздөштүрүү милдети коюлган.

П о э з и я. 30-жылдарда кыргыз поэзиясы жаңы форма, ыкма, көркөм каражаттар м-н байыган. Ж. Боконбаевдин чыгармачылыгынын негизги темалары Октябрь, Коммунистик партия («Эл таалайы», «Өлбөс Ленин») болгон. Бул ырларда улуу жол башчы элге «бакыт нурун чачкан батпас күн» катары сүрөттөлөт. Акын салттуу кыргыз ыр түзүлүшүнүн чегин кеңейтип, өз ырларын жаңы образ, өлчөм м-н байыткан. Талыкпаган чыгармачылык изденүү анын лирикасы м-н драматургиясына таасир эткен. Ж. Боконбаевдин ийгилиги айрыкча пейзаждык лирикада («Кыргыздын Ала-Тоосу», «Кай кечи», «Кайдын бир күнү») көрүнгөн. Акындын поэзиясы ойдун ачыктыгы, эмоциялуулугу, музыкалуулугу м-н айырмаланат. Акын жаратылышты өзгөртүп жаткан совет адамынын каарман эмгегин даңазалаган. Публицистикалуулук м-н тематиканын актуалдуулугу К. Маликовдун 30-жылдардагы лирикасынан өзгөчө байкалат. «Алтын тоо», «Жаңы айылдын эркеси» аттуу ырлары Кыргызстандагы соц. кайра куруу темасына арналган. «Жанар менен Шарипа» поэмасында үй-бүлө ж-дегү эски түшүнүктөрдү жеңүү юмор м-н баяндалат. Каармандардын өз ара кат алышуусу салттуу айтышты эске салат. Фольклордук салттар, а. и. сатира ж-а юмор К. Маликовдун «Чындыкка», «Мен кандаймын?», «Кандай сүйгөм?», «Атасы менен баласы» сыяктуу ырларына мүнөздүү. Кыргыз поэзиясынын өнүгүшүндө орус адабияты маанилүү роль ойногон. 20-жылдары орус адабиятынын салттарын тууроо көбүрөөк орун алып келсе, 30-жылдарда аны үйрөнүү чыгармачыл мүнөзгө ээ боло баштаган. 30-жылдардагы кыргыз поэзиясынын негизги темасы — улуттук кайра жаралуу ж-а социалдык азаттык. Лирикалык ж-а обондуу ырларда, поэмаларда Ата Мекендин образы башкы орунда турган. А. С. Пушкиндин поэзиясына мүнөздүү лиризм, лаконизм, жөнөкөйлүк А. Токомбаевдин чыгармачылыгына зор таасир тийгизген. Анын ырларынан В. Маяковскийдин ырынын ыргак-интонациялык түзүлүшүн кыргыз поэзиясына киргизүү аракети байкалат. 1932-ж. А. Токомбаевдин «Атака», «Эмгек гүлү» поэтикалык жыйнактары, 1935-ж. «Иргелген ырлар жана поэмадан үзүндү», «Туткун Марат» поэмасы жарык көрөт. 1937-ж. А. Токомбаев «Кандуу жылдар» аттуу ыр м-н жазылган тарыхый романынын биринчи бөлүгүн жазууну аяктаган.

Ж. Турусбеков «Өткөн күндөр» аттуу чакан поэмасында феод. турмуштун ар түркүн жактарын көрсөтөт. «Энем» поэмасында автор мурдагы көчмөндөрдүн соц. маданиятка тартылышын баяндайт. «Ишке кат» деген ырында кыргыз айылындагы экон. ж-а маданий зор өзгөрүүлөр ж-дө айтылат. «Биз» аттуу ыры шахтёрлорго, дыйкандарга, пахтачыларга арналган. «Жаңы сайма», «Ук, жер жүзү», «Тилек» аттуу ырларында автор кыргыз поэзиясына алгач ирет поэтикалык публицистиканын элементтерин киргизип, аны оозеки кептин интонациясы м-н байыткан. Ж. Турусбеков Маяковскийдин тажрыйбасына таянуу менен акцент, пауза, ыргак алмашуулары чоң мааниге ээ болгон кыйла чыгармаларды жараткан. 1932-ж. «Жусуптун ырлары» аттуу алгачкы жыйнагы, 1933-ж. «Шайыр жаштар», 1935-ж. «Тандалмалуу ырлар», 1939-ж. «Мекен» жыйнактары жарык көргөн. 1931-жылдан Темиркул Үмөталиевдин адабий ишмердиги башталат. 1935—36-жылдары акындын алгачкы жыйнактары — «Ырлар жыйнагы», «Темиркулдун ырлары», 1938-ж. «Гүлдөр өлкөсү» жарык көргөн. Т. Үмөталиев башка таланттуу кыргыз акындарындай эле эскинин калдыктарынан чечкиндүү кол жууган жаңы адамдын образын жараткан. Жогорку идеялуу, актуалдуу темага арналган «Айсулуу» (1941) поэмасы кыргыз поэзиясынын өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон.

30-жылдардын поэзиясы окурмандардын көңүлүн эмгекчилердин ан-сезиминдеги өзгөрүүлөргө, алардын рухий дүйнөсүнө бурган. М. Элебаев, А. Токомбаев, Т. Үмөталиев, Ж. Турусбековдун чыгармаларынын каармандары — өз керт башынын эмес коомдун кызыкчылыгын жогору койгон жаңы адамдар. М. Элебаевдин



1 2 3

4 5 6

7 8 9


Архитектура. 1. Кыргыз ССРинин Өкмөт үйү. Арх. Р. Семержиев, Г. Назарьян. 1957. 2. Фрунзе мамлекеттик циркинин имараты. Автор коллективи: Л. Сегал, И. Шадрин, Д. Леонтьев, В. Миронович, А. Нежурин. 1976. 3. Союздар үйү. Арх. А. И. Куделя, А. Жумакалиев. 1980. 4. М. В. Фрунзенин мемориал музейи. Арх. Ю. Барих, Г. Кутателадзе. 1967. 5. «Айчүрөк» универмагы. Арх. Ю. Пересветов, Б. Соболевский, В. Лачиков. 1977. 6. Минералдуу суу павильону. Арх. А. Альбанский. 1952. 7. Совет көчөсүндөгү 123 квартиралуу турак үй. Фрунзе. Арх. Ю. Тагиров, А. Солтобаев. 1975—77. 8. «Пишпек» мейманканасы. Арх. В. Лызенко, Г. Кутателадзе. 9. Фрунзе шаарынын Совет көчөсүндөгү оймолонгон жыгач. 1976.




1



2




3



4



5



6

Архитектура. 1. Кыргыз ССР илимдер академиясынын борбордук корпусу. Арх.. Ю. Билинский, А. Бочаров. 1963. 2. Фрунзе ш-нын Түштүк дарбазасы. Арх. Н. Тагиров, А. Солтобаев. 1975—77. 3. «Кыргызстан» мейманканасы. Арх. Е. Писарской. 1971. 4. В. И. Ленин атн. Спорт дворецы. Арх. Н. Костин, В. Маруков. 1974. 5. «Манас» кинотеатры. Типтүү долбоор. 1960. 6. Чолпон-Ата ш-ндагы эс алуу үйүнүн көрүнүшү.

«Кыргызстан», «Ысык-Көл», «От араба» деген ырларында мурда артта калган өлкөнүн социалдык-экон. прогресси күчтүү сезим м-н даңазаланат. А. Токомбаевдин кыргыз жазуучуларынын ичинен «М. Элебаев көркөм чеберчиликтин дээрлик эң бийик тепкичине жеткен». Ошону м-н бирге кыргыз акындарынын кыйла чыгармалары иллюстрациялуу ж-а риторикалуу бойдон калып, терең көркөм жалпылоолорго али көтөрүлө алган эмес. Алар көбүнесе чарбачылык жүргүзүүнүн ыкмалары ж-дө кеңештер, акыл-насааттар, уйкаштырылган ураандар болгон. 1931-ж. М. Элебаевдин түңгүч поэтикалык жыйнагы, 1933-ж. ж-а 1938-ж. эки китеби: «Майдан», «Ырлардын толук жыйнагы» жарык көргөн. Анын поэзиясынын темасы — кыргыз элинин рев-яга чейинки оор тагдыры. 30-жылдарда акындын чыгармачылыгында турмушка оптимисттик мамиле күч алган. А. Осмоновдун поэтикалык жыйнактары да 30-жылдары чыккан (түңгүч жыйнагы — «Тандагы ырлар», 1935). Акын Кыргызстанды, анын тоолуу жаратылышынын кооздугун күүгө салып, социализмди куруп жаткан сов. карапайым адамдарды сүймөнчүлүк м-н даңктайт. Ушул эле мезгилде Мидин Алыбаевдин ырлар жыйнактары («Бактылуу жаштык», 1937; «Ырлар жыйнагы», 1938) жарык көрөт. 30-жылдарда СССРдин экон. ж-а маданий турмушунда болгон олуттуу өзгөрүүлөр адабияттардын өз ара байланышынын бекемделишине шарт түзгөн. М. Элебаевдин «Серго», «А. С. Пушкинге», Ж. Боконбаевдин «Курбум», А. Токомбаевдин «А. С. Чуйковго», «Москва жолунда» аттуу ырлары элдердин достугуна, максатташ адамдардын өз ара жардамдаштыгына арналган. Аларда кыргыздардын соц. улутка өсүп чыгышына чын пейил м-н жардамдашкан орус элине ыраазычылык билдирилет. Кыргыз акындары Ш. Руставели, Т. Шевченко, А. Кунанбаев, Навои, Жамбылга кыйла ырлар арнашкан. С. Д. Дунаев, В. М. Жолонзе, В. В. Винников, Н. С. Чекменёв, Г. П. Тушкан ж. б. акын-жазуучулар Кыргызстанга байланыштуу окуялар жөнүндө жазышкан. 30-жылдарда көп жанрдуу кыргыз поэзиясында соц. реализм методу андан ары өркүндөп, боордош адабияттардын өз ара байланышы бекемделген, фольклор м-н жазма адабияттын карым-катнашы кыйла чыгармачыл мүнөздө өө боло баштаган.

Проза. Кыргыз прозасынын калыптанышы кыйын шарттарда өткөн. Психологиялык ачкөмө жанрын өздөштүрүү б-ча алгачкы олуттуу аракет К. Баялиновдун «Ажар» повестинен көрүнсө да, адабий чыгармачылыктын бул тармагында андан ары онугуу дароо эле болбой койгон жок. Кыргыз прозасында үйрөнүү мезгили башталып, адабиятка чыгармачыл жаштар — прозаиктер М. Абдукаримов, К. Жантөшев, Т. Сыдыкбеков, С. Сасыкбаев ж. б. келишкен. Бул авторлордун прозадагы изденүүлөрү фельетон, чакан ачкөмөлөрдөн башталып, алар элдик оозеки адабиятты чыгармачылык м-н пайдалана албаган. Улуттук прозанын калыптануу жылдарында кыргыз жазуучулары автобиографиялык жанрга көбүрөөк кайрылышкан. 1936-ж. М. Элебаев «Узак жол» аттуу өмүр баяндык мүнөздөгү түңгүч реалисттик романын жаратат. М. Элебаев өз романында Горькийдин тажрыйбасына таянгандыгы белгилүү. Бирок жазуучулук чеберчиликтин жетишсиздигинен соц. реализмдин негиз салуучусунун бай тажрыйбасын чыгармачылык м-н өздөштүрө алган эмес. 30-жылдарда кыргыз жазуучулары эпикалык ири жанрларга көбүрөөк кайрыла баштаган. К. Маликовдун «Азаматтар» (1938), К. Жантөшевдин «Эки жаш» (1938), Ж. Ашубаевдин «Терең кечүү» (1940), А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Күүнүн сыры» (экөө тең — 1940) повесттери, К. Жантөшевдин «Каныбек» (1-к., 1939), Т. Сыдыкбековдун «Кең-Суу», «Темир» романдары пайда болот. А. Токомбаев «Күүнүн сыры» повестинде салттуу образдарды өзгөртүп, терең поэтикалуу чыгарма жаратканы менен бирок элдик салттарга ашкере кызыгуу ар дайым эле максатка жеткире берген эмес.

К. Жантөшевдин коллективдештирүүгө арналган «Эки жаш» повести сюжетинин кызыктуулугу м-н айырмаланат. Бирок автор эпдик оозеки аңгемөнүн стили м-н реалисттик баяндоонун даана чегин таба алган эмес. Автор «Каныбек» романында кыргыз коомунун 19-к-дын аягы м-н 20-к-дын башындагы турмушун ар тараптан көрсөткөн, бирок башкы каармандарды гиперболалаштыруу образдын ички өнүгүшүнө, жаратылышына шайкеш келбей, элдин турмуш тиричилигинин реалдуу картиналарынан фольклордук мотивдер басымдуулук кылат. Улуттук фольклор м-н орус адабиятынын салттарын өздөштүрүүнүн, аларды өз ниетине көлдөнүүнүн татаал процесси Т. Сыдыкбековдун чыгармачылык жолунан айкын көрүнөт. Жазуучунун «Күрөш» (1933) жыйнагына кирген алгачкы чыгармаларынын көпчүлүгү чакырык-үгүт мүнөздө болгон. «Баатырлар» (1936), «Акын — булбул» (1938) поэтикалык жыйнактары тематикасынын кеңдиги, жазуучу фольклордун салттарын чыгармачылык м-н айкалыштырууга умтулгандыгы м-н айырмаланат. 1934-ж. Т. Сыдыкбеков кыргыз айылынын соц. курулушуна арналган «Кең-Суу» романын бүтүргөн. 1937-ж. анын биринчи, 1938-ж. экинчи китеби жарык көргөн. Бул романда улуттук көркөм чыгармачылыкта биринчи жолу оң каарман проблемасы эпикалык планда чечилген. Ошентип, кыргыз адабиятында жаңы теманы өздөштүрүү башталып, реалисттик романга жол ачылган. Автор кыргыз айылындагы айкышкан тап күрөшүн көрсөтүү м-н бирге, турмуштук ар кандай карама-каршылыктарды сүрөттөөдө, конфликттердин маңызын ачып берүүдө мурда жокчулуктан мүңкүргөгөн айылдаштары жаңы турмуш шартында кандайча баш көтөргөндүгүн көрсөтүүгө умтулган. Т. Сыдыкбековдун реализминин терендиги колхоз турмушунун душмандары — айлакер митаам Саадат м-н Калпакбаевди ашкерелеп сүрөттөөдөн ачык көрүнөт. Башкы каармандардын бири Сапарбайдын аң-сезими элдин тамтык аң-сезими м-н бирге өсөт. Образ динамикалуу көрсөтүлөт. Жоңокой кыргыз жигити акырындык м-н турмуштук тажрыйба топтоп, чыныгы коммунист уюштуруучуга чейин өсүп жетет. 1939—40-жылдары Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» м-н идеялык, тематикалык жактан байланыштуу «Темир» романын жазат. А. Токомбаев «Жараланган жүрөк» повестинде романтикалык образ түзүп, кыргыз улуттук интеллигенциясынын калыптанышын көрсөткөн. К. Жантөшев, М. Элебаев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбековдун романдары, повесттери ж-а ачкөмөлөрү — 30-жылдарда кыргыз жазуучулары кара сөздүн жанрлары м-н түрлөрүн ийгиликтүү өздөштүрө баштагандыгына күбө. Кыргыз прозасы натурализмдин ж-а схематизмдин элементтерин четтетүү м-н соц. реализмдин принциптерин улам барган сайын терең өздөштүрө баштаган.



Акын А. Осмоновдун ырлар жыйнагы. 1935.

Драматургия. 30-жылдарда кыргыз драматургиясынын тематикасы кыйла кеңейген. Бул багытта Ж. Боконбаев, Ж. Турусбеков, К. Эшмамбетов, К. Маликов, Р. Шүкүрбековдор жигердүү эмгектенишкен. Кыргыз драматургдары учурга шайкеш мотивдерди изденип, фольклордук сюжеттерди көркөмдөп кайра иштеп чы-

гышып, опера, балеттердин либреттолорун, баатырдык ж-а турмуштук драмаларды жазышкан. 1937-ж. К. Эшмамбетов «Сарынжи-Бокой» эпосунун негизинде ыр м-н «Сарынжи» аттуу пьесасын жазган. Пьесада эзелки доордун картиналары көрсөтүлүп, этикалык гана эмес, социалдык проблемалар көтөрүлөт. Мына ушунун өзү «Сарынжинин» сахнадагы ийгилигин шарттаган. Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Ж. Турусбеков «Манас» эпосунун бир эпизодун пайдаланышып, улуттук опера өнөрүнүн башаты болгон «Айчүрөк» (1939) операсынын либреттосун жазышкан. Анын негизин Семетей м-н Айчүрөктүн баскынчыларга каршы баатырдык күрөшү түзөт. Авторлор эпопеянын бай материалдарынан элдин баатырдыгын, анын эркиндик ж-дөгү тилегин чагылдырган даана эпизоддорду прген алышып, эпостун улуттук мүнөзүн баса көрсөткөн бир катар каада-салттарды шөкөттөп беришкен. Бирок өткөндү сүрөттөө ар дайым эле тарыхый чындыкка дал келе берген эмес. Драматургиянын өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүнүн жаңы жолдорун издөө улантыла берген. 30-жылдардагы 16-жылдагы элдик көтөрүлүшкө партиялык баа али берилбегендиктен, аны чечмелөөдө ар кандай калыстыктар кеткен. Ошого карабастан Ж. Турусбеков «Ажал ордуна» (1935) аттуу туңгуч драмасында 1916-жылдын окуяларын тарыхый жактан туура көрсөтө алган. Пьесада феодалдар м-н уруу төбөлдөрүнүн чыккынчылыгы ишенимдүү ашкереленет. Автор көтөрүлүшкө чыккан эмгекчилердин оор абалын да, о. эле алардын эркиндикке болгон бекем ишенимин да туура көрсөткөн. Бул эркиндикти аларга Октябрь рев-ясынын жеңиши алып келген. Драма тарыхты туура чагылдыргандыгы жагынан гана эмес, улуттук салттарды орус драматургиясынын жетишкендиктери м-н айкалыштырган көркөм ийгиликтери м-н да баалуу.

Улуттук драматургияда коллективдештирүү темасы маанилүү орунду ээлеген. Социализмди куруу жылдарында кыргыздардын отурукташа башташы реси-канын эл чарбасына ж-а маданиятына оң таасирин тийгизди. Кыргыз театрларынын репертуарына тап душмандарына каршы күрөш, эски турмуштун өзгөрүшү ж-дөгү пьесалар кирген. Алардын көпчүлүгү сахнада узак жашаган эмес, анткени схематизм, композициялык бөрпөлдүк, конфликттердин бир беткейлиги басымдуулук кылган. К. Маликовдун «Күлүйпа» (1938) ж. б. пьесалар композициялык жактан солгун, үстүртөн жазылган. Коллективдештирүү ж-дөгү драмалардын маанилүүлөрүнүн бири — Ж. Боконбаевдин «Алтын кыз» (1939) пьесасы. Анда колхоз курулушу ж-а кыргыз, орус элинин достугу, кедейлердин рухий өсүшү, аң-сезимининн жогорулашы көрсөтүлгөн. Катышуучулардын создөрү кыргыз тилинин лексика-фразеологиялык байлыгын, интонациялык өзгөчөлүгүн кылга кеңири чагылдырган. Салыштыруу, параллелизм, эпитеттер жыш колдонулуп, пьесанын аты да метафоралуу.

Жаш драматург Райкан Шүкүрбеков Н. В. Гоголдун «Текшерүүчү» пьесасынын таасири м-н «Жапалак Жатпасов» (1935) комедиясын жазган. Анда алыскы бир айылга келип, өзүн жооптуу кызматкер катары көрсөткөн бекерпоз авантюрист мыскылданат. Айыл чарбасын коллективдештирүүгө байланыштуу идеологиялык күрөш курчуган. Айрым жазуучулардын чыгармачылыгында улутчулдуктун элементтери пайда болгон. К. Тыныстановдун «Академия кечелери» (1933) пьесасында кыргыз элинин тарыхы («Манастын» окуяларынан баштап, 20-к-дын 20-жылдарына чейинки ар кыл эпизоддору) көрсөтүлгөн. Элдин өткөндөгү турмушу апыртыла макталып, карапайым эмгекчилер бай-манап, төбөлдөр м-н бир катарга коюлган. Адабий сын «...Кечелерди» идеялык жактан зыянduу чыгарма катары баалаган; 1933-ж. 29-марттa Кыргызстан Компартиясынын обл. комитети пьесаны театрдын репертуарынан чыгарган.

1939-ж. жазында Москвада Кыргыз иск-восунун он күндүгү ийгиликтүү өткөн. Алгачкы кароо улуттук чыгармачыл кадрлардын көркөм жетилишинин олуттуу сыноосу болгон. СССР Жогорку Советинин Президиуму жазуучулардын бир тобун сов. көркөм адабиятты өнүктүрүүдөгү зор жетишкендиктери үчүн ордендер м-н сыйлаган. Алардын арасында кыргыз акындары Ж. Турусбеков, А. Осмонов, эл ырчылары А. Үсөнбаев, К. Акыев ж. б. бар эле.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы адабият. Согуш жылдарында кыргыз адабиятынын тематикасы м-н көркөм багыты кыйла өзгөргөн. Реси-канын жазуучулары публицистикалык жанрларга кайрылышып, макалалары м-н ырларында элди Ата Мекенди коргоого жанырт көтөрүлүүгө үндөшкөн. Т. Үмөталиев, У. Абдукаимов, Р. Шүкүрбеков, Ж. Ашубаев, Т. Шамшиев, Я. Шиваза, Н. Чекменёв ж. б. жазуучулар Ата Мек. согуш майданында салгылашкан. Ж. Турусбеков, М. Элебаев, К. Эсенкожоев согушта баатырларча курман болушту. Ооруктa А. Токомбаев, К. Баялинов, Ж. Боконбаев, Т. Сыдыкбеков жан үрөп иштешти. Жазуучулардын катары жаңы күчтөр (С. Шимеев, К. Акаев, И. Байтемиров, Н. Жетикашкаева, Н. Удалов, С. Фиксин ж. б.) м-н толуктaлды.

Поэзия. 1941-ж. Ж. Боконбаев Сов. Армиянын катарына ыктыярдуу кошулуп, дивизиялык «За родину, вперёд!» газетасынын редактору болгон. Ал патриоттук пафоско ширелген «Ажал менен ар-намыс», «Чептен эрдин күчү бек» ж. б. поэмаларын жараткан. «Жүрөгүм менин кызыл туу» деген ыры акындын согуш мезгилиндеги башка чыгармаларындай эле оптимизмге жык толгон. Согуш жылдарында коштошуу, узатуу ырлары көңүл тараган. «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга» деген ыры жогорку көркөмдүктө жазылып, жоокердин сүйгөн кызы, атасы, ага-инилери, эже-карындаштары м-н коштошуусу сезимге күчтүү таасир калтырат. «Тарастын бейитинде» ырында акын кыргыз элинин украин элине карата болгон боордоштук сезимин чагылдырган.

Акындар элдик поэзиянын лирикалык образдуулугун чыгармачылык м-н өздөштүрүп, ырдын окурмандарга күчтүү таасир этишине, эмоционалуулугуна жетишкен. Согуш күндөрүндө кат түрүндөгү ырлар кеңири таран, анда каармандардын согуш ж-дөгү ой жүгүртүүлөрү берилип, үйгитчилерди жек көрүүсү айтылат. Мындай ырлардын каармандары — жагдайдын татаалдыгын туура баалаган патриоттор (А. Токомбаев, «Алкоо», «Кектейбиз», «Бактылуу кел, иничек», «Сүйгөнүмө кат» ж. б.). А. Токомбаев Ата Мек. согуш жылдарында бир катар жыйнактарын жарыялаган: «Манастын жердеши» (1943), «Алкоо» (1944). Ал фронтто жүргөндөр үчүн элдик ырлардан «Көрөк күүлөрү» аттуу жыйнак түзгөн. Жыйнак Армиянын жоокерлеринин алкоосуна ээ болгон. Согуш жылдарында Ж. Турусбеков патриоттук темада бир нече мыкты ырларды жазган. «Кайда качат» ырында сов. адамдардын жеңишке болгон ишеними берилген. «Каракчынын трагедиясы» (1941) поэмасында фашисттердин таш боордугу, мыкаачылыгы ашкереленет. К. Маликовдун «Канга канында» (1941) фашисттердин капкор жырткычтыгы көрсөтүлсө, «Россия», «Кремль» ырларында Сов. Союз. элдеринин интернационалдык биримдиги дацазаланат. Т. Үмөталиев согуш, сов. адамдардын туруктуулугу, алардын баатырдыгы ж-а оптимизми ж-дө «Күн тутулбайт, ай батпайт», «Акыркы ок», «Жер күйүп жатат» деген ырларын жаратат. «Үч баатыр жөнүндө ыр», «Кубат Жуматаев» аттуу ырларынын каармандарынын прототиби комсомолдун Жалал-Абад обкомунун мурдагы секретары болгон. Ал граната алып, немец танкынын астына боюн таштап эрдик көрсөткөн. Т. Үмөталиевдин согуш жылдарындагы ырлары «Жеңиш ырлары» (1943), «Жеңиш» (1946) жыйнактарына кирген.

Панфиловчулардын өлбөс-өчпөс эрдиктерине бир топ ыр, поэма арналган (Т. Шамшиев — «Панфиловчулар жөнүндө ыр», А. Токомбаев — «28 баатыр» ж. б.). К. Маликовдун «Кавганым Чоң Чүй каналы» (1943), А. Осмоновдун «Чоң Чүй каналы», «Ким болду экен?», «Май түшүндө» (экөө тең — 1945) поэмалары ж-а ырлары ооруктагы эмгекчилердин патриотизми ж-дө баяндайт. О. Азия реси-каларында көптөгөн үй-бүлөлөр эвакуацияланып келген жетим балдарды багып алышкан. Адамды толкундаткан бул тема Алыкул Осмоновдун «Ракыя» аттуу ырында, К. Баялиновдун «Ал эми жетим эмес» ацгемесинде ж. б. чыгармаларда чагылдырылган. 1944-ж. Смар Шимеевдин Ата Мек. согуш жылдарында жазган ырлары, поэмалары топтолгон алгачкы жыйнагы — «Парижден каары» жарык көргөн.

Майдандагы ж-а ооруктагы акын-жазуучулар сов. адамдарды патриоттук, интернационалдык духта тарбиялаган, мезгилдин талабына жооп берген татыктуу чыгармаларды жаратышкан.

Проза. Согуш жылдарында кыргыз прозачылары көпчүлүк чыгармаларын Ата Мекенди коргоо темасында жазышкан (Т. Сыдыкбеков, «Тарбия», «Экөө», «Замбирекчилер» ацгемелери; К. Баялинов, «Кол боюнда» повести, «От ичинде» ацгемеси; А. Токомбаев, «Ашырбай», «Улуу агабыз орус эли» очерктери). К. Жантошевдин «Чолпонбай» (1943), Ж. Боконбаевдин «Дүйшөнкул» (1943) очерктери кан майданда каза болушкан Сов. Союз. Баатырлары Ч. Түлобердиев м-н Д. Шопоковго арналган. Ж. Боконбаев баатырдын оспурум чагын, колхоздо иштеген ишин ачык-айкын көрсөткөн. Анын «Украина мейкининде» очерки фаш. баскынчыларды куун чыккан эркин Украинага арналып, ишенимдүүлүгү ж-а публицистикалуулугу м-н айырмаланат. К. Жантошев Ч. Түлобердиевдин даоттун амбразурасын денеси м-н жаап, операциянын ийгилигин камсыз кылган эрдигин таамай баяндаган. Бирок Чолпонбайдын образы көп жагынан кыргыз эпосундагы фольклордук каармандардын образына окшош.


Драматургия. Согуш мезгилинде жаралып, элдин өткөн баатырдык турмушуна арналган ири формадагы чыгармалардын ото маанилүүлөрүнө К. Жантошевдин «Курманбек», К. Маликовдун «Жацыл» пьесалары кирет. Кыргыздардын чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү ж-дөгү сюжет «Курманбек» пьесасынын негизин түзөт. Автор пьесада баатырдын өлбөстүгү ж-дөгү элдик идеалды чагылдырып, образды эпоско салыштырганда бир кыйла терендеткен. «Жацыл» драмасы идеялык-тематикалык жактан «Курманбек» пьесасына үндөш. Жацыл Мырза — оз уруусун коргоп, элдин ой-тилегин, мүдөөсүн билдирген каарман. Курманбек м-н Жацылдын легендалуу образдары каармандыктын үлгүсү болсо да, турмуш жазуучулардан биздин замандын каармандарынын образын түзүүгө көбүрөөк көңүл бурууcун талап кылганы белгилүү. Бул багытта А. Осмонов кыйла дурус иштеген ж-а ыр м-н «Чолпонбай», «Экинчи бригада» деген пьесаларды жазган.

Улуу Ата Мек. согуш мезгилиндеги кыргыз совет адабияты совет өлкөсүнүн эркиндиги ж-а көз каранды эместиги үчүн бүткүл элдик күрөшкө олуттуу салым кошкон. Кыйла жанрлардын профессионалдык деңгээли жогорулап, чакырык ырлар, эпикалык поэмалар ж. б. өнүккөн. Ж. Боконбаев, Т. Үмөталиев, М. Элебаев, Ж. Турусбековдордун поэзиясында образдар конкреттүүлүккө ээ болгон. А. Токомбаев (Кыргыз ССР эл акыны, 1945) м-н А. Осмоновдун чыгармачылыгында философиялык багыт терендеп, К. Маликов, С. Шимеев ж. б. акындардын поэзиясынын таасирдүүлүгү арткан.

1945—55-жылдардагы адабият. Кыргыз адабияты согуштан кийинки жылдары бүткүл союздук окурмандардын энчисине айланган. «Советский писатель» басмасынан «Кыргызстан акындары» (1946) жыйнагы, А. Токомбаевдин «Тацкы жолугушуу» (1946), Т. Үмөталиевдин «Кыргыз жүрөгү» (1947), Н. Байтемировдун «Бир совхоздо» («Салтанат», 1951), К. Баялиновдун «Бакыт» (1949), К. Жантошевдин «Эл ырчысы» (1952) китептери жарык көрөт. Кыргызстан Компартиясынын 5- (1949), 6- (1952) съезддеринин чечимдеринде кыргыз адабиятынын абалына ж-а милдеттерине кыйла көңүл бурулган. Анда чыгармачыл үюмдар кайра түзүү иштерин жай жүргүзүп, сов. окурмандардын жогорку таламдарына жооп берүүчү чыгармалар аз жазылып жаткандыгы көрсөтүлгөн. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борб. Комитетинин 2-пленумунун (1952) чечиминде А. Токомбаевдин «Кандуу жылдары», К. Маликовдун «Балбайы» сынга алынган. Бул чыгармаларда олуттуу идеялык жацылыштыктар кетирилген. О. эле кыргыз адабиятчылары м-н тарыхчыларынын эмгектеринде вульгардык социологизмдин элементтери али жоюла электигги айтылган. Кийин А. Токомбаев бул романын кайра оңдоп, 1962-ж. «Тац алдында» деген ат м-н жарыкка чыгарган.


Поэзия. Согуштан кийинки жылдарда кыргыз жазуучуларынын катарына С. Абдыкеримова, Э. Узакбаев, С. Эралиев, Н. Жетикашкаева, С. Жусуев, Б. Сарногоев оңдуу жаш акындар кошулду. Алардын алгачкы ырлары «Жаш акындар» жыйнагында жарыяланган. Бул жылдары М. Алыбаев кыйла жемиттүү эмгектенип, анын алгачкы чыгармаларынан байкала баштаган наивк лиризм, сатиранын күрч элементи ботончо даана көрүнөт («Ырлар жыйнагы», 1947; «Жацы ырлар», 1949; «Ак чүч», 1957). М. Алыбаев салсий, граждандык, о. эле сүйүү лирикаларын жазуу жагынан мыкты чебер катары таанылa баштайт. Кыргыз акындарынын көптөгөн ырлары музыкалаштырылган.

40—50-жылдары кыргыз поэзиясында элдин согуш жылдарындагы каармандыгы чагылдырылган. А. Осмоновдун «Жеңишбек» (1945) поэмасында жалгыз уулу согушта өлгөн атанын кайгысы баяндалат. «Үч алп»



Кыргыз эл акыны Барпы Алыкулов (солдон үчүнчү) акын-жазуучулардын арасында. 1947.

(1945) поэмасында трагедия м-н оптимизм органикалык түрдө айкалышкан. Поэмада каарман өзүнүн жарадар болгондугуна терең кайгыргандыгы сүрөттөлөт, бирок Мекенди коргоо үчүн жан аябай салгылашкандыгына сыймыктанат. Тыпчытык ж-дөгү ырлардын ичинен А. Осмоновдун «Менин үйүм» аттуу ыры композициясынын оригиналдуулугу, образдарынын конкреттүүлүгү ж-а деталдарынын көркөмдүгү м-н айырмаланат. Акындын сүйгөн темасы — колхоз айылы. Ал жайлоо, кыштак, колхоз малы, талаасы, саанчы, сугатчылар ж-дөгү ырларды толкундануу м-н жазат. Бирок А. Осмонов колхоз темасы м-н гана чектелип калбайт. Акын Ата Журт, эл достугу, кыргыз табияты, сүйүү ж-дө да көп жазган. Ал орус элине көп ырларды («Орус эли», «Орус калкым — тууганым») арнаган. Балдар үйүндө кыргыз жетимдерине өнө болгон орус аялынын образы «Группа Савельевнага» деген ырында балалык тунук сезим м-н көрсөтүлгөн. Автор «Кыргызстан», «Ата Журт» аттуу ырларында жацырган Кыргызстанды, анын меймандос калкын дацазалап, туулган жерди соц. Ата Мекендин ажырагыс бөлүгү катары карайт («Мен Москвaны көргөндө», «Москва»). Анын поэзиясы риторика м-н пате-



Бүткүл союздук тынчтык конференциясы. Жазуучулар: (солдон оңго) Б. М. Кербабаев (Түркмөн ССРи), Т. Сыдыкбеков (Кыргыз ССРи), А. А. Фадеев (Москва), С. Муканов (Казак ССРи), П. П. Бажов (Москва), Гамзат Цадаса (Дагестан АССРи). Москва, 1950.

тикадан оолак, которуңкү маанайга, куунак сезимге ширелген. А. Осмоновдун пейзаждык лирикасы да оригиналдуу. Салттуу поэтикалык формаларды чыгармачыл пайдалануу м-н катар А. Осмоновдун ырларынан көптөгөн жаңы уйкаштыктарды, ыргактык-интонациялык каспоттордо жолуктурууга болот («Мен — кыргыздын акыны»). Акын чыгармачылыгынын башталышында эле поэзияда жаңы форманы, ыкты изденүүгө аракеттенген («Маяковскийге»), бирок улуу акындын поэтикасын ал кийинчерээк, өзгөчө согуштан кийинки жылдарда өздөштүргөн. Акындын ырларында айрым саптардын ортосунда пауза болуп, бул поэтикалык тактыкты ж-а эмоционалуулукту күчөтөт. «Менин үйүм», «Көңүл айталык», «Биздикине коно кет», «Байка, жигиттер» аттуу ырлары жаңы ыргак м-н жазылган. А. Осмоновдун жаңычылдыгы чыгармаларынын идеялык мазмунунан, алардын актуалдуулугу м-н композициясынын өзгөчөлүгүнөн, ырдын жаңы формасынан көрүнгөн.

Эл аралык темага көбүрөөк кайрылуу А. Токомбаевдин чыгармачылыгына мүнөздүү. Автор Назым Хикмет, Поль Робсон ж. б-ларга арналган ырларында эркиндик, бакыт үчүн талыкпастан күрөшүү керектигин көрсөтөт. Акындын орус элине арналган ырларынан «Улуу орус» аттуу ыры өзгөчө маанилүү. А. Токомбаевдин «Казак элине», К. Маликовдун «Гүл сунган тажик кызына», Т. Умоталиевдин «Достук» аттуу ырларында О. Азия ж-а Казакстан элдеринин ортосундагы достуктун тарыхый тамырлары ачылат. Согуштан кийинки жылдардын поэзиясында туулган жердин кооздугун, байлыгын дасазалоого айрыкча көп көңүл бурулган (А. Токомбаев, «Менин республикам»; К. Маликов, «Арстанбап»; Т. Умоталиев, «Кыргызстан» ж. б. ырлар). А. Токомбаевдин «Ысык-Көл» аттуу ыры да элдик ырдын духунда жазылып, таасирдүүлүгү м-н айырмаланат. Согуштан кийинки жылдарда поэма жанры кыйла өнүккөн. 1952-ж. А. Токомбаевдин «Өз көзүм менен» поэмасы жарык көрөт. Поэманын баш каарманы — орто дыйкан Нурбай. Коллективдештирүү мезгилиндеги Нурбайдын ички сезиминдеги татаал күрөш аны А. Твардовскийдин «Муравия өлкөсүндө» поэмасынын каарманы Никита Моргунок м-н жакындаштырат. Ошону м-н бирге Нурбай нукура улуттук мүнөзгө ээ. Поэманын экинчи бөлүмүндө («Кант жөрүндө») завод курулуп, Иванов м-н Нурбай биргелешип отургузган бак-даракгар гүлдөп, өзгөргөн жердин панорамасы тартылат.

Бул мезгилде көп ырлар эмгек адамдарына арналган. Т. Умоталиевдин «Жыргал турмуш ырлары» (1950) жыйнагынын бүтүндөй бир бөлүгүн эмгек ырларынын цикли ээлейт. Анын «Үрөнчүнүн ыры», «Уйку», «Убакыт кымбат», «Жаз» аттуу ырларында үгүт-насаат басымдуу. М. Токобаевдин «Гүлдөгөн турмуш» (1950) ж-а «Шандуу күн» (1951) жыйнактары жарык көрөт. К. Маликовдун согуштан кийинки мезгилдеги чыгармаларынын көпчүлүгү төкмө ырлардын үлгүсүндө жазылган. Бул — адамды, анын эмгегин мактап, даңазалаган ырлар. 1952-ж. эмгек баатыры, белгилүү шахтёр Алтымыш




Т. Сыдыкбеков, А. Токомбаев, К. Жантошев, академик К. Скрябин Кыргызстан жазуучуларынын 2-съездинин убагында. 1954.

Сатыбалдиев ж-дөгү «Кадыр аке» поэмасы жарык көрөт. Чыгарманын актуалдуулугу талашсыз, бирок декларациялуулуктан куру эмес. Кадыр акенин образы схемалуу, супсак чыгып калган. «Биздин жер» (1950) ж-а «Ырлар» (1953) аттуу китептеринде К. Маликов Кыргызстандын кооздугун, байлыгын даңазалайт. Анын «Ат коюу» (1954) поэмасы согушка каршы жазылган актуалдуу чыгармалардан. К. Акаев, К. Жупусов, Т. Шамшиевдин айрым ырларынан декларациялуулук, курулай баяндоо байкалат. 50-жылдарда кыргыз поэзиясында штамптарга каршы күрөшүү ж-а фольклорду чыгармачылык м-н пайдалануу кыйла күчөгөн. А. Токтомушев 1949-ж. «Тартуу» жыйнагын чыгарат. Андагы «Баатыр эне», «Забойдогу келинге», «Ысык-Көлдө паровоз», «Жайлоодо» аттуу ырлары көңүл бурууга татыктуу. «Партбилет» деген ыры сов. адамдардын бейпил эмгегин даңазалаган бул китептин бет ачары сыяктуу.

Проза. Согуш ж-дөгү роман, повесттер согуштан кийин жарыялана баштаган. К. Баялиновдун колхозчулардын эмгегин, партиянын уюштуруучулук ишин, достукту ж-а сүйүүнү баяндаган «Бакыт» (1947) повести — патриоттук чыгармалардын бири. Башкы каарман Жапардын тагдыры П. Павленконун 1947-ж. жарык көргөн «Бакыт» повестинин каарманы Воропаевдин тагдырына көп жагынан окшош. Согуштан кийинки мезгилде жарыяланган чыгармаларда коммунисттердин

Советтик белгилүү акындар А. Токомбаев м-н А. Т. Твардовский. 1954.





Советтик белгилүү жазуучулар М. Аувэов м-н Т. Сыдыкбеков. 1955.

образы өзгөчө орунду ээлейт. Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» (1948) романында согуш мезгилинде колхозго башкарма болуп калган жаш коммунист Чаргын ооруктагы эмгекти патриоттук ишке катары санабай, майданга кетүүгө аракеттенет. Бирок коом алдындагы өзүнүн парзын сезүү, кишилер м-н иштеп аны акырындап чыныгы жетекчиге чейин өстүрөт. Т. Сыдыкбековдун романы кыргыз адабиятында реалисттик баяндоо чеберчилигин өздөштүрүүдөгү алга карай жасаган дагы бир кадам болгон. Кыргыз фольклору м-н орус адабиятынын салттарын чыгармачылык м-н айкалыштыруу романдын ийгилигин шарттаган. Эл достугу темасы да ишенимдүү чечилген. Акман, Дмитрий, Надежда, Каныш, Люба, Акия, Жеңишбек, Микола-Аскер социализм өлкөсүнүн элдеринин биримдигин айгинелейт. «Биздин замандын кишилери» романы 1949-ж. СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон.

1949-ж. Т. Сыдыкбековдун негизинен согуш жылдарында жазылган ачкемелери м-н очерктери топтолгон «Абысындар» жыйнагы жарык көргөн. «Пайдага чечилген чатак», «Тарбия», «Канал боюнда» ачкемелеринде сов. адамдардын ооруктагы ж-а майдандагы каармандыгы көрсөтүлгөн. Бала-чаканы аталарынан ажыратпай кандуу согушту жеңе көрүү сезимине ширелген «Сагынбадымбы!» аттуу этюд ачкемеси автордун терең баамчыл, чоң чебер экенине күбө.

Согуштан кийинки жылдарда дың жерлерди, чөлдөрдү, жаңы жайыттарды өздөштүрүү, айдоо аянттарын кеңейтүү көкөм адабиятта кеңири чагылдырылган (К. Жантошев, «Жалындуу жаштар», 1951; К. Баялинов, «Көл боюнда», 2-бөлүк, 1952). Бирок бул чыгармаларда декларациялуулук, фольклордук салттарды чыгармачылык м-н пайдалана албоо сыяктуу кемчиликтер да болгон. Улуу Октябрь соц. рев-ясынын 30 жылдыгына карата 1947-ж. кыргыз жазуучуларынын очерктери м-н ачкемелеринин «Эмгек азаматтары» (түзгөн Я. Шиваза) аттуу жыйнагы жарыкка чыккан. Ага А. Токтомушевдин «Узун кыштак», К. Маликовдун «Сайкал апа», Т. Умоталиевдин «Убада» очерктери, Т. Абдумомуновдун «Достор», Н. Байтемировдун «Талант», А. Убукеевдин «Койчумандын ачкемеси», Н. Удаловдун «Чабан» аттуу ачкемелери ж-а А. Токомбаевдин «Мезгил учат» повести кирген. Бул повесть колому ж-а мазмуну б-ча китептин өзөгүн түзөт. Повесттин башкы каарманы Жапардын мүнөзүнүн калыптанышына согуш таасир этип, анын дүйнөнү аңдап билүүсүн тереңдеткен. Томаяк Айтике м-н анын уулу Жапардын өткөндөгү оор турмушун көрсөтүүгө кыйла орун берилген. Жапардын прообразы — белгилүү кыргыз сүрөтчүсү Гапар Айтиев.

Согуштан кийинки кыргыз прозасы конфликтсиздик теориясынан улам белгилүү кыйынчылыктарга дуушар болгон, бирок анын ургаалдуу өнүгүшү токтогон эмес. Кыргыз жазуучулары улуттук көркөм сөз өнөрүнүн тарыхында жаңы баракгарды ачкан чыгармаларды жаратышкан.

Драматургия. 1947-ж. Токтоболот Абдумомуновдун «Кумдуу чап» пьесасы жарык көрөт. Анда нефть издеген кыргыз геологдорунун турмуш тиричилигин чагылдырууга аракет кылган. Баш каарманы — демилгелүү инженер Рыскулбек. Ошо кездеги кыргыз драматургиясына мүнөздүү схематизм, мүнөздөрдүн бир беткейлиги бул пьесадан да жолугат. Рыскулбек м-н анын антиподу Сатыбалдиевдин ортосундагы карама-каршы күрөш үстүртөн чагылдырылган. «Замандаштар» (1948) пьесасында драматург жумушчулардын турмушуна кайрылган. Сюжеттин өзөгүн эки заводдун мелдеши, эски ж-а жаңы моралдын ортосундагы күрөш түзөт. 1950-ж. Т. Абдумомунов А. Корнейчуктун «Платон Кречетине» таасирленип, «Курман» пьесасын жазган. А. Куттубаев, К. Маликовдун «Биз баягы эмеспиз» (1955) пьесасында ак ниет эмгекчилер м-н турмуштан артта калган адамдардын ортосундагы турмуштук конфликттер, колхоздун мурдагы башкармасы Жайыктөш, анын уулу жаңы башкарма Актандын ортосундагы кагылышуулар көрсөтүлгөн. Жайыктөш — ишке берилип иштеген, бирок эски түшүнүктөрдүн туткунундагы киши. Ошентсе да, пьесанын сюжетинде конфликтсиздиктин белгилери бар; мүнөздөр бир беткей, персонаждарынын баары кандайдыр абстрактуу чындыкты түюндуруучулар. Конфликттери жасалма пьесалардын катарына К. Жантошевдин «Бир үйдө» (1951), К. Бектеновдун «Айкын жол» ж. б. чыгармалар да кирет.



Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвадагы он күндүгүнө катышып, сыйлык алгандардын бир тобу, 1958.

1955—80-жылдардагы адабият. 1953-ж. «Ленинчил жаш» газетасынын беттеринде көркөм чеберчилик ж-дө талкуу отүп, ага акындар А. Токомбаев, Т. Умоталиев, сынчылар Ө. Жакишев, А. Салиев ж. б. катышкан. Салт ж-а жаңычылык ж-дө сөз болуп, адабиятчылардын кээ бирлери фольклордук салттардын ролун ашыра баалашса, кээ бирлери профессионал адабияттын өнүгүшүндө ага эч кандай маани бериштен эмес. Учурдун оң каармандынын мүнөзү ж-дө кызык ойлор айтылган (Т. Сыдыкбеков, «Эң кичинекейлер, эң маанилүүлөр» макаласы). Талкуунун жыйынтыгын Кыргызстан жазуучуларынын 2-съезди (1954) чыгарган. Иллюстрациялуу, куру бали м-н үстүртөн жазылгандыгы үчүн Н. Байтемировдун «Азамат» повести, К. Маликовдун «Достук жана махабат» поэмасы, К. Маликов, А. Куттубаевдин «Биз баягы эмеспиз» пьесасы ж. б. сындалган. Съезд улуттук адабияттын жыйырма жылдык өнүгүү тажрыйбасын жыйынтыктап, учурдун каарманы, конфликттин мүнөзү, фольклордук салттарды пайдалануу сыяктуу чыгармачылык маселелерге көңүл бурган. Конфликтсиздик теориясы, турмуш чындыгын пасаат айтуу м-н алмаштыруу катуу сынга алынган, бул съезддеп кийин жазуучулар каармандардын ички дүйнөсүн терең ачып берүүгө көбүрөөк көңүл бура баштаган.

Кыргыз иск-восу м-н адабиятынын 2-оң күндүгү (Москва, 1958) кыргыз адабиятчыларынын 1939-жылдан берки мезгилдеги отчёту сыяктуу болгон. Оң күндүк СССР элдеринин адабияттарынын кызык ж-а озуңчо болугу болуп эсептелген респ-канын профессионал адабиятынын өсүү деңгээлин көрсөткөн. Оң күндүктүн учурунда Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романы, С. Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасы, Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай», «Ашырбай» драмалары кеңири талдоого алынган. КПССтин 20—21-съезддеринин чечимдерине ылайык 1959-ж. февралда кыргыз адабиятынын мындан ары өнүгүү жолун белгилеген Кыргызстан жазуучуларынын 3-съезди болуп өткөн. Съезд поэзияда граждандык лирика негизги орунду ээлей албай жатканын, айрым прозалык чыгармалар көп создўулуктон, турмуш тиричиликти терип-тепчип жазуудан жабыр тарткандыгын белгилеген. (Ш. Бейшеналиев, «Таалай жолу»; Н. Байтемиров, «Жылдызкан») Кыргыз мамл. драма театрынын сахнасында коюлуп жаткан 18 пьесанын 9у гана учурдун темасына арналган.

1966-ж. Кыргызстан жазуучуларынын 4-съезди болуп, анда негизинен прозанын өнүгүү маселелери каралган. Поэзия, драматургияда турмуш чындыгын туура чагылдыруу, патыйкалуу көркөм каражаттар, терең изденүү б-ча олуттуу сөз болгон. Съезд учурдагы этап кыргыз адабияты м-н СССР элдеринин адабиятынын өз ара байланыштарынын бекемделиши м-н мүнөздолөрүн белгилеген. 2—4-съезддердин ишине Москва, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Украина, РСФСР, Тува, Хакасия, Башкыртстан ж. б-дын жазуучуларынын чоң тобу катышкан. Алардын сөздөрүндө туруктуу чыгармачыл байланыштарды күчөтүү, өз ара көркөм котормо ишин жакшыртуу зарылдыгы баса көрсөтүлгөн. 60—70-жылдарда респ-каларда орус ж. б. элдердин улуттук маданиятынын жумалыктары тез-тез откөрүлө баштайт. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушунун 100 жылдыгына (1963) байланыштуу сов. ад-т м-н иск-вонун көрүнүктүү ишмерлери респ-када болушкан. О. Азия м-н Казакстан жазуучуларынын ортосундагы чыгармачылык байланыштар айрыкча күч алган. Союздаш респ-каларда боордош адабияттардын жумалыктарын, он күндүктөрүн откөрүү салтка айланган. Кыргызстанда өзбек, тажик, казак адабияттарынын он күндүктөрү өткөн. 1965-ж. Г. Мусрепов баштаган казак жазуучулары Фрунзеде болушкан. 30-жылдардан өмүрүнүн акырына чейин «Манас» эпосун изилдеген М. Ауэзов кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Анын Кыргызстан жазуучулар союзунун пленумунда (1955) көркөм котормо ж-догу созу орус ж-а түрк тилдеринен которуунун сапатын жогорулатууга комок берген. М. Ауэзов Кыргызстан жазуучулар союзунун 3-съездине катышып, сов. адабияттардын өз ара баюу маселелери б-ча сүйлөгөн. Ал Чыңгыз Айтматовдун талаптын жогору баалап, анын чыгармачылыгын кыргыз адабиятынын салттарын орус ж-а СССР элдеринин башка боордош адабияттарынын мыкты салттары м-н органикалык түрдө байланыштыруунун үлгүсү катары көрсөткөн.

Поэзия. Кыргыз поэзиясы 60—70-жылдарда тематика, жанр жагынан аябай байыйт. Мында Ленин темасы басымдуу орун ээлейт (Р. Шүкүрбековдун «Ленин жөнүндө», А. Токомбаевдин «Ленин тирүү», С. Эралиевдин «Ленин», А. Токтомушевдин «Ленин жүрөктө» ырлары; М. Турсуналиевдин «Ленин жана тынчтык» поэмасы д. у. с.). Эл достугу — Ленин темасынын ажырагыс болугу. Сооронбай Жусуевдин «Умут» (1960) поэмасы поэтикалык ойдун терендиги м-н айырмаланат.

Орус тили ж-дө да кыйла ырлар жазылган. «Сени орус тилине жакындаткан ким? — деп менден сурагандa мен: Пушкин менен Некрасов, Гоголь менен Тургенев, Толстой менен Чехов, Горький менен Маяковский деп айтаар элем, алардын чыгармалары мен үчүн алдыма максат коюп, орус тилин улам терең үйрөнүүмө түртку болду»,— деп жазат К. Маликов.

Замандаштардын толук кандуу образдарын түзүү ж-дө өкмөт м-н партиянын чакырыгына кыргыз акындары жаңы чыгармалар м-н жооп беришкен (А. Токомбаев, «Комуз күүсү»; Т. Умөталиев, «Койчу жөнүндө соз»; А. Токтомушев, «Сүйүү жана коркунуч»; Р. Шүкүрбеков, «Рахмат койчу чабанга»). «Рахмат койчу чабанга» ыры токмо ырлардын салтында жазылган. Акын «Ялдар жөнүндө соз» деген ырында сов. ялдарды даңазалайт. Р. Шүкүрбеков — сатирик акын. Анын көп ырларында согушту көксөгөн империалисттердин бети ачылып, ач көздүк, билимсиздик, көз боёмочулук келекеленет. Акындын тамсилдери таамай көркөм ыкмалары, даана образдары м-н айырмаланат. 1958-ж. ж-а 1961-ж. анын ыр жыйнактары чыккан. Т. Умөталиевдин «Койчу жөнүндө соз» (1956) поэмасында чабан Торсуктун мүнөзү турмуштун ар кандай жагдайларында ачылат. Акын Түш. Кыргызстандын пахтачыларынын эмгеги ж-дө көп жазат. «Ак алтын жөнүндө ыр» (1956) поэмасы ушул темага арналган. Поэмада тап күрөшүн ж-а колхоз жетекчиси Түнкатардын андагы ролун чагылдырууга кыйла орун берилет. Акындын лирикасына сезимталдык, обондуулук мүнөздүү. 60-жылдары анын «Тегене» (1960), «Кутманым» (1962), «Нарын» (1963), «Кызыл-Жар», «Жүрок ырдан картайбайт» (экөө тец — 1967) ж. б. китептери жарык көрөт.

Кыргыз колхозчулары үчүн эң ардактуу кесиптин бири чабандыкка А. Токомбаев «Комуз күүсү» (1960) поэмасын арнаган. Поэманын башкы каарманы, карыя чабан Абдылда Совет бийлигинин түшунда экинчи жолу төрөлгөндөй болот. А. Токомбаев — өз элинин тарыхындагы бурулуш учурларды көркөм жалпылай билген терең баамчыл лирик-эпик акын. Натурализм, соц. реализм принциптеринен четтегени үчүн адилет сындалган ыр м-н жазылган «Кандуу жылдар» тарыхый романы кайрадан иштелип, 1962-ж. жаңы варианты «Таң алдында» деген ат м-н жарык көргөн (Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы, 1967).

Адамдык касиетин сактап күрөшкөндүгү үчүн жерг. бийликтин өкүлдөрү башкы каарман Алымкулду Сибирге сүргүнгө айдашат. Сүргүндөн кайтып келген Алымкул улуттук-боштондук кыймылды жетектейт. Жецилип калган көтөрүлүшчүлөр Кытайга качышат. Автор качкындардын бетон жердеги оор, кайгылуу абалын, мекенине болгон кусасын реалдуу чагылдырат. Россияда падышачылык кулагандыгы ж-дө кабар качкындарды кубантат, алардын тирүү калгандары туулган жерине кайтып келишет. Автор Антондун образы аркылуу падышалык Россиянын чет-жакаларында жашап, жерг. кедей-кембагалдардын таптык таламын ажырата билүүсүнө көмөктөшкөн алдыңкы орус адамдарынын өкүлүн көрсөткөн.

Кыргыз ялдарынын өткөндөгү ж-а азыркы турмушу ж-дө лирикалык ырлардан тартып (Б. Сарногоев, «Жашасын ялдар») сюжеттүү чоң поэмаларга чейин (Т. Умөталиев, «Кундузкан»; С. Эралиев, «Көк сулуу», «Ак Мөөр»; С. Жусуев, «Жаркын»; С. Урмамбетов, «Махабат») көптөгөн чыгармалар жазылган. Алардын ичинен өтө белгилүүсү С. Эралиевдин элдик легенданын негизинде жазылган «Ак Мөөр» поэмасы (1958). «Ак Мөөр» поэмасы м-н «Уяң жылдыздар» жыйнагында (1962) А. Осмоновдун таасири айкын сезилет. Андан С. Эралиев образдуу ойлоону, лаконизмди, ойгезектик лириканын жандуу суреттолүшүн үйрөнгөн. С. Эралиевдин поэтикалык образдары ийкемдүү, назик, сыртынан жөнөкөй көрүнгөн перселерден ал поэтикалык образ таба билет. «Жылдыздарга салгат» (1966) поэмасында акын — кыргыз поэзиясы үчүн жаңы формаңы эркин ыр формасын тандап алып, ал аркылуу доордун, илимий-техникалык рев-яюын плебин көркөм күч м-н бере алган. Поэмада 2 негизги образ — лирикалык каармандын ж-а соц. Ата Мекенди билдирген Жер энесинин образдары бар. Каарман эркүү, туруктуу, гумандуу адам болуп тарбияланган. Поэмада космосту багындырган адамдын улуулугу даңазаланат. Жаңы көркөм формаларды издөөдө С. Эралиевдин жолун Р. Рыскулов, О. Султанов, М. Абылкасымова ж. б. акындар жолдошкон.

Рамис Рыскулов акындык жолун салттуу формалардан баштаган («Каз» жыйнагы, 1959). 1961-ж. Москвадан «Жылдыздўу жаштык» жыйнагы жарык көрүп, ага салттуу формада жазылган ырлар м-н бирге эркин ырлар да кирген. 1953-ж. жарыяланган «Кыздар» аттуу ыры көркөм форманын масселелери ж-догу талкууга себепкер болгон. Айрым акындар (Т. Умөталиев) уйкаштыкты кыргыз поэзиясынын негизги озгочолуктөрүнүн бири катары эсептейт. Бирок С. Эралиев м-н Р. Рыскуловдун чыгармачылыктарындагы ыр саптарынын сындырылышы ж-а бейуйкаштыгы негизги максат эмес, жаңычылыкка карата умтулуу, б. а. көркөм образды тереңирээк ачып берүүгө оболго түзүү болгон.

Акын Абдрасул Токтомушев — кыргызстандын Окт. рев-ясынан мурдагы ж-а кийинки турмушун тең камтып, элдин тагдырын, ой-тилегин, тап күрөшүн таасын чагылдырган көп пландўу «Алтын тоо» (1-китеп, 1965; 2-китеп, 1968; Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы, 1974) романынын автору. Коллективдештирүү мезгилинде тап душмандарынын колунан курман болгон баатыр пионер Кычан Жакыповго «Жакып уулу» поэмасы арналган. Автор «Сүйүү жана коркунуч» (1962) поэмасында врачтардын эмгегин даңазалап, каармандардын турмуштук ой-толгоолору аркылуу социализм түшунда бардыгы эмгек адамы үчүн кызмат кыла тургандын көрсөтөт.

Байдылда Сарногоевдин «Шумкар», «Досторума» аттуу ыр китептери 1952-ж. жарык көргөн. Андан кийин «Баяс» (1956), «Ак калпак» (1961), «Тоолор жана тоолуктар» (1966), «Сүйлөшүү» (1970) ж. б. жыйнактары жарыяланган. Акындын лирикасы, элдик поэзиянын мыкты салттарын озүнө сиңирип, ыргактуулугу м-н озгочолонот. Ал Р. Шүкүрбеков «азыркы Токтогул» деп атаган Ж. Боконбаевдин соңунан салттуу форманы ийгиликтүү колдонуп, поэзиядагы токтогулдук багытты улантууда.

Азыркы кыргыз поэзиясында кадимки ыр өлчөмү да, эркин ыр да ийгиликтүү өнүгүүдө. М. Абылкасымованын ырлары м-н «Эстелик сүйлойт» (1964), «Сен билесиң мени, Мекеним» (1973) поэмалары адеп-ахлактык, этикалык ой толгоолорго ширелген. Т. Кожомбердиев, С. Абдыкадырова, Ж. Абдыкалыков, И. Исаков, О. Султанов, Т. Байзаков, А. Кыдыров, Ж. Садыков ж. б. акындардын чыгармачылыгында бийик граждандык, патриоттук сезимге өгөдөр карапайым эмгекчинин образы, партия, мекен темасы негизги орунду ээлейт.

70-жылдарда эпикалык чоң жанрларга кызыгуу кыйла күчөйт (М. Буларкиеванын «Алыкул», С. Эралиевдин «Жацыл Мырзанын керээзи», Ж. Абдыкалыковдун «Ашууда» поэмалары). Мындан кийин чыгармачыл жаштардын арасында Ж. Мамытов, Н. Жаркынбаев, Г. Момунова, К. Жуманазаров, К. Ташбаев, А. Жакшылыков, С. Акматбекова, А. Дегенбаева, А. Рыскулов ж. б-лардын ысымдары чыга баштады. Сатира жанры да ургандўу өнүгүп, К. Каимов, М. Борбугулов, С. Болокбаев, А. Убукеев, Ж. Алыбаев, М. Турсуналиев сыяктуу бир катар белгилүү сатириктер өз салымдарын кошушкан. Тамсил жанрынын өнүгүшүү Мухтар Борбугуловдун чыгармачылыгынан айкын көрүнөт («Тамсилдер жана ырлар», «Тамсилдер», «Керегем сага айтам...» ж. б. жыйнактары). Автор адамдардын ац-сезиминдеги өткөндүн калдыктарын келекелеп, бюрократтарды, көшоматчыларды ашкерелейт.

70-жылдардагы кыргыз поэзиясы стилдик ж-а көркөмсүрөттөө каражаттарынын ар түрдүүлүгү, тематиканын байлыгы м-н мүнөздолөт (Р. Рыскулов, «Дилбар»; С. Тургунбаев, «Жарыктын ыры»; Ж. Мамытов, «Отту сүйөм»; О. Султанов, «Аэропанорама» ж. б.). А. Токомбаевге Соц. Эмг. Баатыры деген наамдын берилиши — кыргыз адабиятынын эмгекчилерди коммунисттик ж-а интернационалдык духта тарбиялоодогу ролунун баалануусу.

Кыргыз жазуучуларынын Лениндик, СССР мамл. сыйлыктарына ж-а Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамл. сыйлыгына татыктуу болгон чыгармаларынын бир тобу.




Кыргыз аялдарына арналган чыгармалардын ичинде Т. Сыдыкбековдун «Зайыптар» (1966) романы маанилүү орунду ээлейт. Романдын 1-китебинин каарманы Батыйна эски каада-салттардын чыңгырынан бошонууга аракеттенет, бирок таалайга кантип жетиштин жолун билбейт. Октябрдын жеңишинен соң ал айыл жергесинде жаңы турмушту курууга белсене катышат. Бул романдагы башкы каармандардын бири Зууракандын прообразы — эки жолку Соц. Эмг. Баатыры, кызылча өстүрүүнүн устаты Зууракан Кайназарова. Тарыхый-биографиялык романдардын бир катары көрүнүктүү революциячылардын, адабият жана иск-во ишмерлеринин өмүрүнө арналат. Касымалы Бектеновдун «Таабалды Пудовкин» (1959) романы кыргыз рев-ячысы Таабалды Жукеевдин (Пудовкин) өмүрү ж-дө баяндайт. Касым Кайповдун «Атай» (1961) романы кыргыздын белгилүү комузчусу, Кыргыз ССРинин эл артисти Атай Огомбаевге арналган. Романда каармандын иск-водогу алгачкы кадамдарынан тартып бийик чеберчиликке ээ болгонго чейинки өмүрү ишенимдүү чагылдырылган.

Согуштан кийинки адабиятта фронт м-н ооруктагы баатырдык иштерди чагылдырууга көңүл бурулса, 60—70-жылдарда жазуучулар жеңишке жетүү жолундагы кыйынчылыктар, сов. аскер туткундарынын тагдыры ж. б-ды баяндоого умтулушкан. Узакбай Абдуканмовдун «Майдан» (1961) романында согуш жаңы өңүттөн таасын чагылдырылган. Ата Мек. согуштун катышуучусу өз романында согуш кыйынчылыктарын, сов. жоокерлердин эрдиги м-н Мекенге берилгендигин көрсөткөн. Романда улуту, адистиги, жашы ар башка персоналдар көп. Ар бир каарман — кайталангыс индивидуум. Автор аналитикалуу стилдин жардамы м-н мүнөздү ача алган. Совет элинин моралдык-саясий биримдигин романдын негизги проблемаларынан. К. Баялиновдун «Боордоштор» (1965) романында орус, чех, казак, кыргыз, дунган, өзбектердин жаңы турмуш үчүн күрөшүндөгү боордоштугу ж-а тилектештиги чагылдырылган. Баш каарман, чех Рудольфтун образында автор Октябрь рев-ясы м-н тагдырын байланыштырган ар башка улуттагы адамдардын тагдырын көрсөтүүгө умтулган.

Айрым жазуучулар чеберчиликке карата коюлган талаптын жогорулашына байланыштуу мурда басылган китептерине кайрылышып, аларды кайра оңдоп чыгышкан. Мис., Т. Сыдыкбеков 1955-ж. «Тоо арасында» деген ат м-н «Кең-Суу» романынын жаңы вариантын басып чыгарды. К. Жантөшев «Каныбектин» 4-болүгүн жазып бүтүргөн. Романдын баш каарманы жетилип акыры большевик-рев-ячы болуп чыгат. А. Токомбаевдин комсомолдордун эзүүчү таптардын калдыктарына каршы күрөшү ж-дөгү «Солдат элек» (1965) повестинин сюжети оригиналдуу. Анын каармандары Чалкар м-н Сейитбек пенман соодагердин атына жамынган мурдагы байды жолуктурушун, аны «ички сырын ачып берүүгө» мажбурлашат. Повесть көп жагынан автобиографиялык мүнөздө. Окуялар күндолук түрүндө берилет.


Биринчи жактан баяндоо ыкмасын Ө. Даникеев, К. Жусупов, Б. Жакиев оңдуу жаңы прозачылар көп колдонушат. Б. Жакиевдин «Мен байкемден улуумун» (1969) повести психологиялык анализдин төрөндеги м-н айырмаланат. К. Каимовдун «Талаа жылдызы» (1964), К. Жапаровдун «Агроном кыз» (1962), Ш. Бейшеналиевдин «Карлыгач» (1959) повесттеринин башкы каармандары — жаштар. Ш. Бейшеналиевдин «Кордун тукуму» (1965) повести Соц. Эмг. Баатыры, чабан Ракматалы Сартбаевдин өмүрүнө арналса, К. Осмоналиевдин «Самар» (1963) аттуу повести да ушул эле адам ж-дө жазылган.

Кыргыз прозасында А. Саспаев, А. Стамов, К. Акматов, М. Гапаров, С. Жетимишев, М. Мураталиев сыяктуу шыктуу жаңы жазуучулар эмгектенүүдө. Аман Саспаев адабияттагы өз жолун «Широкке», «Татым туз», «Шейшен» аттуу чакан аңгеме-этюддардан баштаган. Бул чыгармалар жазуучунун баамчылдыкка, лаконизмге умтулганын күболөн турат. «Каяша» (1964) аңгемесинин каарманы Закош Ч. Айтматовдун Жамийласы сыяктуу өз бактысы үчүн күрөшүп, эски адаттарга каршы чыгат. Москвалык жазуучулардын окулдоруу катышкан жаш прозачылардын семинары (1965) кыргыз прозасы ийгиликтүү өнүгүп жаткандыгын ырастады. Семинар кыргыз прозасынын ийгиликтеринде Ч. Айтматовдун чыгармачыл жетишкендиктери зор салым кошкондугун белгилеген. Кийинки жазуучулардын прозасы көбүнчө өмүр баяны мүнөзүндө жазылып, кыйла чыгармалар согуш темасына арналган. Бир катар авторлор өткөн турмуш темасына кайрылышкан. Төлөгөн Касымбеков Кокон хандыгынын түшүндагы кыргыздардын турмушун баяндаган «Сынган кылыч» (1966) аттуу көп пландуу, көлөмдүү роман жазган. Романда Түштүк Кыргызстандын өткөндөгү тарыхы көрсөтүлүп, маанилүү коомдук, социалдык ж-а саясий маселелер козголгон.



Ч. Айтматовдун орус тилинде чыккан алгачкы чыгармаларынын бири. 1959.

Ч. Айтматов 1952-ж. япондук баланын турмушун баяндаган «Газетчи Дзюйдо» аттуу алгачкы аңгемесин жарыялаган. Андан соң «Ашым», «Түнкү сугат», «Ак жаан», «Асма көпүрө» аңгемелерин жазат. Алгачкы аңгемелеринде эле автордун терең психологиялык анализге жөндөмдүүлүгү байкалган. «Бетме-бет» (1958) повести Ч. Айтматовду Кыргызстандын көрүнүктүү прозачыларынын катарына кошкон. Сейде, Ысмайыл ж. б-лардын даана мүнөздөрү экспрессиялуу көркөм каражаттар м-н түзүлгөн. Адегенде Сейденин коом алдындагы парзды түшүнүүсү бир жактуу болуп, күйөөсүнүн согуш майданынан качып келишин эрөөн алган эмес. Бирок чыккынчынын ылас ички дүйнөсү улам даана ачыла баштаган сайын, Сейде ошончолук азап тартып кыйнала берет. Ал эми Ысмайыл үч жетимдин энеси Тотойдун жалгыз уюн уурдан союп алгандан кийин, Сейденин көз карашы өзгөрөт. Натыйжада Ысмайыл жашынып жүргөн үңкүрдү өзү барып көрсөтүп



Адабият, искусство ж-а архитектура жагынан Лениндик ж-а СССР мамл. сыйлыктары 6-ча СССР мамл. комитетинин председатели Н. Тихонов кыргыз совет жазуучусу Ч. Айтматовго Лениндик сыйлык тапшырууда. 1963.



Ч. Айтматов м-н Сәлкбай Каралаев. 1965.

берет. 1958-ж. «Жамийла» повести жарык көрүп, аны Л. Арагон француз тилине которгондон кийин дароо эле бүткүл дүйнө таанылат. Башкы каармандын чечкиндүү мүнөзү ар кандай турмуштук жагдайларда ачылат. Жазуучунун кылымдар бою жашап келген патриархалдык адаттарды бузган аялдын образын түзүшү кыргыз адабиятында өз убагында курч талаш-тартыштарды туудурган. Ч. Айтматовдун жаңычылдыгы — сов. доордо кыргыз аялынын мүнөзүндө пайда болгон жаңы белгилерди көрө билгендигинде. Повесть лирикалуулугу, романтикалык көтөрүңкүлүгү м-н элдик поэтикалык салттарга байланышат, бирок улуттук колорит фольклорго жакын болгондуктан гана эмес, негизинен мүнөздөрдү терең ачып көрсөтүүнүн эсебинен түзүлгөн. 1961-ж. «Кызыл жоолук жалжалым», «Ботогоз булак», «Биринчи мугалим», «Жамийла» аттуу чыгармалары кирген «Тоолор жана талаалар повесттери» жыйнагы жарык көргөн. Бул жыйнак Лениндик сыйлыкка татыган (1963). Ч. Айтматовдун каармандары — эмгекчи адамдар: шофёр, мугалим, колхозчу ж. б. Жазуучу алардын руханий асылдыгын, максаттарынын бийиктигин түркүн боёктор м-н ачып көрсөткөн. «Биринчи мугалим» повести балдарга Ленин ж-дө, рев-я ж-дө алгач ирет айтып, багыт берген жаш коммунистке арналган. Бул адам ар түрдүү кыйынчылыктарга карабастан, кылымдар бою караңгылыкта жашаган элдин балдары үчүн мектеп ачат. «Кызыл жоолук жалжалым» повести шофёр Илияс м-н жол мастери Байтемирдин аңгемелеринен турат. Баяндоо кадыресе өнүгүп, психологиялык жактан өтө ишенимдүү. Ч. Айтматовдун каармандары — турмуштук сыноолордо курчуган адамдар.

Жазуучунун стили улам кийинки чыгармасында өркүндөп, адабий чеберчиликке болгон көз карашы терең-дөөдө жана өзүнө талап коюусу күчөөдө. «Саманчы жолу» повестинин каарманы — карт Толгонай. Повесттин башынан аягына дейре аял Жер м-н сүйлөшөт. Бул ыкманын шарттуулугу реалисттик чыгарма үчүн бир топ өөн учурагансыйт. Бирок мында ал ылайыктуу, анткени турмуш чындыгын терең түшүнүүгө жардам берет. Демейдө Ч. Айтматовдун чыгармаларында карама-каршылыктар курч берилип, оң каармандар каршылаштары м-н бетме-бет чыгышат. Адам тагдыры ж-а ал жеңип чыккан согуш азабы «Саманчынын жолундагы» конфликттин маңызын түзөт. 1966-ж. «Гүлсарат» повести жарыяланат. Жазуучунун көркөм манерасы татаалданып, көп түрдүүрөөк болуп төрөндеген. Мурдагы романтикалуу-патетикалуу стили предметтик-реалисттик стиль м-н алмашкан. Танабай карыя турмуштун катаал мектебинен өткөн. Ал ар дайым ой жүгүртүп, өзүнүн өткөндөгү иштерине сын көз м-н каран, согуштан кийинки мезгилдеги турмуш алдыга койгон маселелерге жооп издейт. Карапайым колхозчу кеңирп, терең ой жүгүртөт, ал ушунусу м-н кыргыз прозасындагы мурдагы каармандардан айырмаланат. Ч. Айтматовдун жазуучулук ийгилиги ал бир колхозчунун тагдыры аркылуу колхоз курулушунун тарыхынын көптөгөн баракчаларын чагылдыра алгандыгында. Повесттеги Гүлсары — комөкчү фигура эмес, ал белгилүү идеялык-көркөм жүк көтөргөн жандуу образ. 1968-ж. «Гүлсарат» повести СССР мамл. сыйл. татыктуу болгон.

1970-ж. Ч. Айтматовдун «Ак келе» («Жомоктон кийин») повести басылып чыгат. Анын башкы каармандары — сегиз жашар бала м-н анын таятасы Момун. Аларга өзүмчүл, таш боор Орозкул каршы коюлат. Бала суугa чөгүп, майып болгону м-н повесттин финалы ындыны өчүү м-н бүтпөйт, тескерисинче, сов. коомго мүнөздүү терең оптимизм м-н алктайт: «Бала жүрөгүн арамдык менен кыянаттыкты кабыл кылбады, балык болом деп сүзүп кеткенинден мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жаңы өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды көк Теңир чагат. Көк туболуктүү». Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» (1975) повестинде Улуу Ата Мек. согуш жылдарындагы кыргыз балдарынын правалык сапаттары терең ачылат. «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1977) повести Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында психологизм м-н драматизм улам терендеп бара жатканын айгинелейт.



РСФСРдин Кыргыз ССРиндеги адабият ж-а искусство күндөрү. Ч. Айтматов, А. Токомбаев, А. Б. Чаковский. 1975.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көпчүлүгү дүйнөнүн 80ден ашуун тилине которулган. «Ак келе» кинофильминин сценарийи үчүн да 1977-ж. Ч. Айтматов СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. 1978-ж. Ч. Айтматовго Соц. Эмг. Баатыры деген ардак наам берилген. 1980-ж. Италиянын эл аралык Этрурия сыйлыгы ыйгарылган. 1980-жылдын ноябрында Ч. Айтматовдун «Кылымдан да узакка созулган күн» романы жарыкка чыкты. Анын баш каарманы — турмушта өзүнүн ордун тапкан, эмгекке, өз милдетине чын ыкласы м-н берилген ак ниет темир жолчу Едигей Жангелдин. Окуя бир күндө өтөт, бирок композициялык жактан роман алда канча татаал ж-а көп пландуу. Өзүнүн эски досу Казанган аксакалдын сөөгүн коюшу Едигейге өткөн өмүрдү эскертип, аны адамдын эл алдындагы парзы ж-дө дагы терең ойлонууга мажбурлайт. Роман адилет жол м-н бараткан эмгек адамына болгон сүйүүгө сугарылган. Чыгарма жарыяланары м-н борбордук ж-а респ-калык басма сөздө жогорку баага татыктуу болду. 70-жылдарда тарыхый-рев-ялык, моралдык-этикалык ж-а согуш темаларында Т. Касымбековдун «Жетилген курак» (1976), «Ак кызмат» (1980), О. Орозбаевдин «Кыл көпүрө» (1976), К. Каимовдун «Кыш ыргактары» (1977), Ш. Бейшеналиевдин «Урпактар үнү» (1969), «Дацика жараша жүк» (1973), С. Өмүрбаевдин «Телегей» (1974), «Көк жайык» (1978), Ж. Мавляновдун



Кыргыз жазуучулары м-н акындарынын бир тобу. 1979.

60—70-жылдары кыргыз жазуучулары достук, сүйүү ж-а үй-бүлө темаларында бир катар чыгармалар жазышкан, бирок алардын кончулугунон мезгилдин жышаанын көрүү кыйын. Алдын үй-бүлодогу теңдиги ж-до А. Кобегонов «Алмагүл» (1962) драмасын жазган. Автор персонаждардын мүнөздөрүн сүрөттөдө, сюжет курууда белгилүү даражада А. Островскийдин «Добул» пьесасынан үлгү алган. Бирок Алмагүлдүн образына баарын кыцк этней которуп, моюн сунгандык гана мүнөздүү болуп, Катерина сыяктуу эркиндикке умтулуу жок. А. Токомбаевдин «Тергөө жүрүп жатат» (1962) пьесасынын сюжетин уурулардын кылмышын ашкерелөө түзөт. Автор милиция кызматкерлеринин мүнөздөрүн ишенимдүү түзө алган, бирок чыгарманын детектив жагына ото эле кызыгыш кеткен. Кылмыш үчүн социалдык негиз жок шартта айрым адамдардын кандайча кылмышкер болуп калганын корсотсо маанилүүроок болмок. Ш. Бейшеналиевдин «Тоо койнундагы гүл» (1961), К. Маликовдун «Адылдын иши» (1961), К. Жантошевдин «Биздин эне» (1961) пьесалары сахнага коюлган. Ж. Бокомбаевдин «Токтогул» (1939) пьесасы кыргыз драматургиясында тарыхый-биографиялык теманын башаты болгон. Токтогул ж-до К. Жантошев «Эл ырчысы» (1952) драмасын жазган. Пьеса 19-к-дын 90-жылдарынан Октябрдын жеңишине чейинки мезгилдеги окуяларды камтыйт. Р. Шүкүрбеков «Акындын үмүтү» (1959) драмасында Токтогулдун Сибирден келгенден кийинки өмүрүн ж-а күрөшүн сүрөттөйт. Прозачы Т. Касымбеков Токтогул темасынын лирикалык линиясын озүнүн алгачкы драмалык чыгармасына («Алымкан», 1966) озек кылып алган. Улуу акындын татыктуу образын түзүүнүн жолдорун издөө улантылууда. Тарыхый-биографиялык тема м-н бирге рев-ялык тематика да ишгелүүдө. К. Маликов «Бийик жерде» (1959) драмасында граждандык согуш мезгилиндеги окуяларды чагылдырган ж-а кыргыз драматургиясында Ленидин образы биринчи жолу ушул пьесада түзүлгөн. Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» (1959) пьесасы Улуу Ата Мек. согуш ж-до баяндайт. Мында сюжеттин озогун уулу кандуу согушта курман болгон атанын муң-зары түзөт. Драма А. Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынын таасиринде жазылган. Кыргыз драматургдарынын пьесаларында трагедиялык мотивдер, образдар кездешкени м-н, улуттук драматургияда трагедия жанр катары али онүгө элек.

Кыргыз жазуучулары комедия жанрында чоң ийгиликтерге жетишкен. Р. Шүкүрбеков бул жанрга кайрылып, сатира ж-а юмордун жардамы м-н турмуштагы терс көрүнүштөрдү сынга алган алгачкы комедиялардын бири болгон «Жапалак Жатпасовду» жазган (жаңы варианты — 1958). Пьесадагы оң каармандын жоктугунан, андагы күчтөрдүн туура эмес жайгаштырылышынан келип чыккан кемчиликтер «Менин айлым» (1948) пьесасынын орусча вариантында («Өрөөндөгү жарык», 1958) автор тарабынан эске алынган. «Шарапат» (1959) комедиясы 2 темапы — жазуучунун оз кесибине карата болгон мамилесин ж-а феод. калдыктарга каршы күрөштү камтыйт. Автор драмалык коруңуштөрдү сюжеттик бир түйүнгө байланыштыра албаганы м-н сатиралык каражаттарды персонаждардын мүнөзүнө ылайык туура колдонгон. Кыргыз драматургиясындагы комедиянын онүгүшү фольклордогу сатиранын салттарына таянган. Кыргыз драматургдары терс коруңуштөрдү ашкерелоодо ж-а комедиянын жанрдык өзгочөлүктөрүн оздөштүрүүдө орус классикалык комедиясы м-н СССР элдеринин драматургиясынын салттарына кайрылышкан. Ч. Айтматовдун чыгармаларын сахналаштыруу кыргыз драматургиясындагы маанилүү окуя болуп калды («Бетме бет», 1961; «Жамийла», 1965; «Биринчи мугалим», 1965; «Саманчынын жолу», 1964).

60-жылдардан кийин респ-калык театрлардын репертуарлары алда канча жацыланды: А. Токомбаев, «Күндүн чыгышы» (1974); К. Маликов, «Бийик жерде» (жаңы редакциясы — 1977; Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы, 1978); Т. Абдумомунов, «Кыгылган оогонго күлөт» (1969), «Кадырлаштар» (1977), «Алдар косо» (1980), «Карагул ботом» (1981); Б. Жакиев, «Эртең жаңы жыл», «Колугушуу», «Күттүрген жаз да келер»; Б. Өмуралиев, «Жацырык», «Сел», «Жолчубектин көпүросү»; М. Байжиев, «Эроол» (1967), «Ар бир үйдө майрам» (1973), «Байыркы жомок» (1975), «Биз — эркектер» (1977); Ж. Садыков, «Жүкеев-Пудовкин» (1964), «Боз торгой» (1971), «Манастын уулу Семетей» (1982), М. Тойбаев «Жацы келин» (1967), «Ак жол» (1978), «Жашыл жалбырак» («Пионектин уулу», 1981); Ш. Садыбакасов, «Ак боз ат» (1972), «Керме тоо», (1982); Н. Байтемиров, «Уркун» (1970); М. Ганаров, «Кадыр түн» (1977), «Күностүү арал», (1979) ж. б. М. Байжиевдин «Эроол», «Байыркы жомок», «Биз — эркектер» пьесалары учурдун эң актуалдуу маселелерин которгондугу, сахналык тилинин образдуулугу үчүн сында жогору бааланган. «Эроол» пьесасы ж-а Ч. Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн», (К. Мухамеджанов м-н бирге, 1973) аттуу социалдык-философиялык драмасы дүйнөнүн көптөгөн театрларында коюлган. Аларда бүгүнкү күндөгү, адамзаттын нравалык изденүүлөрү м-н кошголгон адеп-ахлак коллизиялары даана көрүнөт. Өткөн м-н азыркыны, фольклордун элементтери м-н бүгүнкү күндүн белгилеринин айкалышы М. Байжиев м-н Б. Жакиевдин пьесаларына ийгилик алып келген. Н. Байтемировдун «Уркуясында» оз өмүрүн рев-ялын идеалдары үчүн берген чыгыш аялынын элеси тартылган. Э. Турсуновдун «Замандаш» (1975), М. Байжиевдин «Байыркы жомок», М. Тойбаевдин «Жацы келин», М. Ганаровдун «Күностүү арал», К. Жапаровдун «Коңшулар» (1979) пьесалары совет адамынын рухий ж-а моралдык турпаты ж-до ой толгоолорго бай. М. Ганаровдун «Күностүү арал», «Кадыр түн» пьесаларында каармандын адеп-ахлактуулугу сыналган драмалык кырдаалды түзүүгө далалат кылынат. Кыргыз драматургиясы үчүн 70-жылдар — 80-жылдардын башы кыргыз авторлорунун бүткүл союздук ж-а дүйнөлүк аренага чыгышы м-н мүнөздолот.

А. Садыков

КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРУС ЖАЗУУЧУЛАРЫ

Совет доорунда өнүгө баштаган башка улуттук адабияттар сыяктуу эле кыргыз адабияты үчүн да улуттар аралык байланыштын бөтөнчө зор мааниси бар. Кыргызстандын жаш жазма адабияты жарым кылымдан бир аз гана ашыгыраак мезгилдин ичинде фольклордон бүгүнкү күндүн деңгээлиндеги соз өнөрүнө секирик жасады. Мында кыргыз адабиятынын көп улуттуу совет адабияты м-н, биринчи кезекте, орус адабияты м-н о. эле чет элдик адабияттар м-н байланышы бекемделип өнүктү. Падышачылыктын улуттук чет-жакаларга карата мамилеси шарттаган тарыхый себептерден улам орус-кыргыз адабий байланыштары Октябрь рев-ялына чейин өтө чектелүү болгондугуна карабастан, Н. М. Пржевальский, П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Н. А. Северцов, И. В. Мушкетов, А. П. Федченко өндүү саякатчылардын эмгектери, академик В. В. Радловдун «Манастын» окуяларын жазып алып жарыялашы — ушундай байланыштардын далили. Маданий борборлордон обочо турган Кыргызстан мурда изилденген эмес; Кыргыз эли ж-догу айрым очерктерди, ацгемелерди кээ бир эптуластар гана жазышкан эле. 1917-жылга чейин кыргыз тематикасына демокр. маанайдагы орус жазуучулары кайрылышкан. Н. Н. Караэндин «Ысык-Көлдөгү конуш», «Түркстандын Кастек ашуусундагы кырсык» очерктеринде, «Таук» ацгемесинде ж. б. чыгармаларында этнографиялык мүнөздөгү кыйла туура байкоолор, кыргыздардын тарыхый жактан туура образдары кездешет. Бул чыгармаларда автордун эзилген кыргыз элине жан тартып, падышачылыктын О. Азиядагы колониялык саясатынан пренжингендиги байкалат. «Баку аракети» (1873) романында борб. Россиядан Түркстанга жеңил олжо таап, байып үчүн жутунуп келген шылуундар ж-до баяндалат.

Октябрдын жеңишинен кийин орус жазуучуларынын чыгармачылыгында Кыргызстан темасы үзгүлтүксүз кецейип, 20-жылдардан тартып бир катар адабиятчылардын чыгармачылыгы негизинен кыргыз тематикасына, кыргыз ж-а орус элдеринин достугун чагылдырууга багытталат. Д. А. Фурманов кыргыз турмушун чагылдырган алгачкы сов. жазуучулардан. «Козголоң» (1923) романында Граждандык согуш мезгилиндеги Жети-Суунун социалдык-саясий татаал шарттары зор көркөм күч м-н тарыхый жактан туура сүрөттолгон. Роман Верныйдагы контррев-ячыл козголоң ж-а большевиктер катышкан оор күрөш ж-до баяндайт. Роман рев-ячыл Пишпектеги айрым окуяларды да камтыйт. Д. А. Фурманов ошол окуяларды оз көзү м-н көргөн. 20—30-жылдарда Кыргыз темасы А. П. Ситницин чыгармачылыгында негизги орунду ээлейт. Буга анын «Өлүү чабандестер», «Кудайдын кулдары» аттуу оригиналдуу ацгеме жыйнактары, «Уруу койчусу», «Тянь-Шандын аткезчилери» аттуу романдары далил. П. И. Лукницкийдин «Памир чыңдыгы» (1932-ж.), «Атчандар менен жөөлөр» (1933) ж. б. китептери басмачыларды жоюу мезгилиндеги Түш. Кыргызстандын турмушун чагылдырат.

Кыргыз тематикасына кайрылуу м-н орус совет жазуучулары кыргыз элинин турмушундагы соц. кайра куруулурду ж-а рев-ялык окуяларды сүрөттөөго айрыкча көцүл бурушкан. Мында соц. Ата Мекенге ацсезимдүү кызмат кылууга чейин өсүп жеткен кыргыз кембагалдарынын кадыресе окулунун тагдырын документ негизинде сүрөттөгөн Л. В. Конторовичтин «Кутан Торгоев» (1940) повести көцүл бурууга татыктуу. 1934-ж. Н. С. Чекменёв м-н И. Забиров Ж. Бокомбаевдин «Октябрдын жеңиштери» аттуу ырлар жыйнагын, 1936-ж. Н. Чекменёв «Алтын кыз» поэмасын которгон. П. А. Ширяевдин «Бийик жер» (1935) китеби жылкы совхозунун демейки эмгек күндөрү, жылкычылардын, малчылардын, зоотехниктердин турмушу ж-до баяндап, социализмди куруп жатышкан кыргыздар м-н орустардын бир туугандык биримдигинин бекемделишин көрсөтөт. Биздин өлкөнүн башка областтары м-н респ-каларынын Кыргызстанда ар кайсы мезгилде болушкан жазуучулары андагы соц. өзгөрүүлөр ж-до бир топ чыгарма жазышкан.

Кыргызстандык орус жазуучулар оздөрүнүн көркөм чыгармаларында кыргыз эли өлкөбүздүн башка элдери м-н достук биримдикте коммунизмди куруруга катышып жаткандыгын даана чагылдырууда. Орус жазуучуларынын романдары, повесттери, поэмалары кыргыз тема-

тикасынын чегинен чыкса да, алардын негизги чыгармачылык максаты кыргыз элинин турмушун мүмкүн болушунча элестүү сүроттоого багытталган.

Кыргызстандык орус жазуучулардан биринчи болуп кыргыз темасына Н. С. Чекменёв кайрылган. Анын «Сыдык» (1928) ачгемесинде карапайым кыргыз эмгекчилеринин таптык аң-сезимининн ойгонушу курч конфликтте сүрөттөлөт. 1950-ж. Тянь-Шандын малчылары ж-дө «Кашыл тилке» повести, 1956-ж. «Комета» повесттер ж-а ачгемелер жыйнагы жарык көрөт. Н. С. Чекменёв — «Жети-Суу» (1954—60) үчилтигинин — Октябрев-ясы, Граждандык согуш мезгилдеринде Кыргызстанда, Казакстанда, Түш. Сибирде болгон окуялар ж-догу эпикалык полотнонун автору. Документ маалыматтардын негизинде жазылган үчилтиктин каармандары — ар улуттуу окулдөру: кыргыздар, орустар, украиндер, казактар — эркиндикке, социалдык адилеттикке умтулууда баш кошушат. Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн болгон күрөш В. И. Паршковдун чыгармачылыгында көрүнүктүү орун ээлейт. Кыргызстандагы Граждандык согушка катышып, автор 20-жылдардан баштап респ-калык газеталарда иштеп, өлкөдөгү соц. кайра куруулар ж-дө жазган. «Пулемётчулар» (1957), «Нарын иши» (1959) повесттеринде Степан Чудной м-н Бакыттын образдарында орус, кыргыз элдеринин ортосундагы достук, боордоштук идеялары бекемделет.

С. А. Фиксиндин (1907—78) «Тоодогу жаңырык» (1932) поэмасы кыргыз айылындагы соц. кайра куруулларга арналган. Турмушту сүрөттөөдөгү жогорку чеберчилик, жөнөкөйлүк жана ийкемдүүлүк акындын поэзиясына мүнөздүү: «Жүрөккө кымбат жерлер» (1950), «Биз — тынч жаткан элбиз» (1953), «Тандалган ырлар» (1954). 1956-ж. «Кашыл майрам» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы чыгат. «Кыргызстан жөнүндө сөз» жыйнагына аты уйкаш лирикалык поэмасы, «Солдаттын каты», «Эне», «Азаттык бешигинде», «Гвардиялык ашпозчу» ж. б. ырлары кирген. «Тал жана арча» (1961) поэтикалык жыйнагында темир жол, жаңы кыштактардын курулушу, кен байлыктарды издегендер, чабандар, кызылчачылар ж-дө сөз болот. Фиксин көтормочу катары да белгилүү (М. Борбугулов, «Ачуу дары»; К. Маликов, «Ат коюу»; А. Осмонов, «Жеңишбек» ж. б.). «Торгой» поэмасы 20-жылдарда комсомолдук газетада бирге иштеген Кыргызстандын эл жазуучусу Т. Сыдыкбековго арналган.

Улуу Ата Мекен согуш ж-догу чыгармалардын көбү респ-канын орус ж-а кыргыз жазуучуларынын максатташтыгын күбөлөйт. Ж. Турусбековдун «Ок жана ыр» жыйнагындагы ырларга А. Фиксиндин «Талаа почтасы эмне дейт» циклиндеги ырлар үндөш. Анын «Күжүрмөн жылдар», «От аралап» деген жыйнактарынын негизги темасын майдан м-н ооруктун биримдиги, ар түркүн улуттардын жоокерлеринин достугу түзөт. Акындын «Суу жайнаган зона» (1968) поэмасы Токтогул ГЭСин куруучулардын эрдиги ж-дө баяндайт.

1953-ж. М. Г. Аксаковдун (1912—74) «Бир туугандар» аттуу алгачкы ачгемелер жыйнагы чыккан. Анын көп очерк, ачгемелери, публицистикалык ж-а сын макалалары бар. Аксаковдун сценарийлери б-ча «Менин жакылыштыгым», «Тянь-Шандык кыз» көркөм фильмдери, документ киноочерктер тартылган. 1958-ж. «Ыр мугалими». 1962-ж. «Тоодогу чыйыр менен» аттуу ачгеме жыйнактары жарык көргөн. «Гүлдөр жана таштар» (1970) повести 30-жылдардагы жаш ирригаторго арналып, анын мүнөзүнүн калыптанышы, эскинин калдыктарына каршы күрөшү ж-дө баяндайт.

Е. Н. Ковскийдин (1899—1977) алгачкы ачгемелери 1926—27-ж. жарыяланган. Анын 1957-ж. «Тынчтык багы» китеби, 1961-ж. «Жаркын мейкиндер» ачгемелер жыйнагы, 1962-ж. «Алар биз менен» очерктер жыйнагы, 1965-ж. «Жолдор башатында» китеби басылып чыккан. Ковский К. Баялиновдун «Боордоштор» үчилтигин орус тилине которгон. Анын «Бир тууган бир тууганга душман» (1969) романы рев-я жылдарындагы окуялар, барикаданын эки жагында калган бир туугандардын ортасындагы ж-дө баяндайт.

Н. И. Удалов (1910-ж. туулган) 30-жылдарда респ-калык басма сөздө иштей баштаган. 1950-ж. «Жолдоштор арасында» ырлар жыйнагы жарык көрүп, «Колхоз жылдызы» пьесасын жазган. 1954-ж. алгачкы ачгемелер жыйнагы, 1955-ж. Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романына үндөш «Тоо мейкиндери» романынын 1-китеби басылып чыккан. 1957-ж. «Табылган ысым» повести жарык көрүп, «Өмүр учат» ачгемелер жыйнагы басылат. 1959-ж. «Чоң-Кемин» романы, 1968-ж. «Рухий жакырдык» романы, 1976-ж. оспүрүмдөр үчүн «Тору-Айгыр» аттуу легендалар жыйнагы жарык көрөт.

Кыргызстандын нефтичилеринин турмушу — А. А. Сальниковдун (1926-ж. туулган) чыгармачылыгындагы негизги тема. Мурда нефть ишканаларында жумушчу болуп иштеген жазуучу озунун «Алтын түпкүрлөр» (1956—58), «Жаңы горизонттор» (1968) романдарын респ-канын жумушчуларына арнаган. 1958-ж. балдарга арналган «Кеминдеги жай» аттуу повести, 1960-ж. «Жолдо» повести, 1962-ж. «Туруктуулук» романы чыккан. Новеллалардан турган «Юнусовдор» (1976) повести жумушчунун бүлөсүндөгү бир нече муундун тагдыры ж-дө баяндайт. 1980-ж. «Издермандар» аттуу жаңы романы басмадан чыкты.

Л. Б. Дядюченко (1934-ж. туулган) көбүнесе документ повесть жанрында иштейт. Кыргызстан, анын жаратылышы, Токтогул ГЭСинин монтажчы-аскачылары ж-дө көп жазган («Жеңиш кандай болот?», 1977; «Чарбактык жол баштагыч», 1967). Дядюченко чыгармачылыгын акындыктан баштап, «Эңсөө» (1962), «Чек» (1966) ыр жыйнактарын чыгарган. Анын сценарийлери б-ча «Кыргызфильм» студиясы «Тоолуу аймактын бактысы» (1963), «Кардуу Алайда» (1964), «Сахна устаты» (1967), «Жымжырт аймакта» (1968) ж. б. кыска метраждуу документ фильмдерди тарткан. «Кыргыз кайрыктары» (1976), «Күмүш глобус» (1978) аттуу документ повесттери СССРдин эл сүротчусу С. А. Чуйковго, атактуу салкатчы Н. М. Пржевальскийге арналган.

М. П. Меньшиков (1913—74) — көптөгөн очерктердин, Ж. Мавлянов, А. Токтомушев, Б. Сарногоев ж. б. жазуучулардын адабий портреттеринин автору. «Томон-Суу айлынын болмуштары» (1959) китебинде респ-кадагы алгачкы айыл чарба артелдеринин бири—Москва р-нундагы К. Маркс атындагы колхоз, аны уюштуруунун тарыхы ж-дө баяндалат. «Чеберлер» (1959), «Адамдар арасында» (1964) ачгемелер м-н очерктер жыйнактары респ-канын өткөндөгү ж-а азыркы күндөрүн чагылдырат. Балдарга ж-а оспүрүмдөргө арналган китептеринен «Асек, сен жолдосуңбу?» (1961), «Ушундай кыз бар» (1963), «Чамда, Садык» (1967), «Санаянын түйшүктөрү» (1968) ж. б. белгилүү.

«Фашизмге өлүм» аттуу партизандык отряддын мурдагы чалгынчысы, жазуучу Ф. И. Самохин (1918-ж. туулган) — «Чалгынчы Клавдия Панчишкина» (1952), «Сталинграддык бала» (1954), «Чолпонбай» (1958), «Атамдын үйү» (1963), «Чүй ташкыны» (1966), «Мекеним, мен кайрылып келем» (1975) повесттери м-н «Таластык баатыр» (1966) ачгемелер жыйнагынын автору.

Н. И. Имшенецкийдин (1918-ж. туулган) чыгармачылыгы да аскердик пафоско ширелген. «Чын дилимден» (1950) ыр китеби сов. моряктар ж-дө. 1958-ж. «Бир туугандар», 1961-ж. «Жүрөк жалындаганда», 1967-ж. «Федор Гладковдун эки эрдиги» жыйнактары жарык көргөн. Ал — «Моряктар багынбайт», «Будапешт таңы», «Жүрөк ыры» пьесаларынын, «Күйөөлөр» водевилинин ж. б. чыгармаларынын автору. Н. И. Имшенецкий А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат», Т. Шамшиевдин «От ичинде» поэмаларын, А. Бердибаевдин «Мен ыраазы» ырлар жыйнагын ж. б-ды орус тилине которгон. Согуштун катаал күндөрү, совет элинин фашизмге каршы күрөшү «Уулдарга кайрылуу» (1978) китебинде чагылдырылган.

Прозачы, очеркчи В. Е. Светличный (1906-ж. туулган) 1945—50-ж. «Аврора залпы», «Уул», «Бак чөбү» ачгемелерин жарыкка чыгарат. 1960-ж. «Чолго карай жол» очерктер, ачгемелер жыйнагы, 1965-ж. «Кыштак» очерктер жыйнагы басылып чыгат. 60—70-жылдарда бир катар ачгемелери жарыяланган («Матроссуз кеме жок», «Ысык-Колдун чабагы», «Ярославль жеринде» ж. б.).

Акын Ю. М. Смышляев (1937-ж. туулган) мектепте окуп жүргөн жылдарда эле жаза баштап, ырлары «Пионер», «Юность» журналдарына жарыяланган. 1964-ж. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушуна арналган «Пишпек дубалынын жанында» драмалык поэмасы, 1969-ж. «Жылдызду этюд» жарык көргөн. Мезгилдүү басма сөздө акын «Археологиялык баллада» (1966), «Башталышына жакын» (1977), «Өч алуу» (1975) ж. б. чыгармаларын жарыялаган. О. Болобалаев, К. Маликов, Т. Умоталиев, К. Жунусов, М. Абылкасымова, Р. Рыскулов, К. Артыкбаев, С. Жусуев ж. б. жазуучулардын чыгармаларын орус тилине которгон.

Драматург В. А. Швембергер (1892—1970) куурчак театры үчүн 30дан ашуун пьеса жазган. 1958-ж. анын «Куурчак театры үчүн пьесалары», «Торт азаматы» (кыргыз эл жомокторунун негизинде) жарыкка чыккан. Швембергердин пьесалары өлкөнүн жыйырма шаарынын куурчак театрларында коюлуп жатат. А. В. Жирков (1935-ж. туулган) сов. партиялык, мамл. ишмер ж-а кол башчы М. В. Фрунзенин оспүрүм чагы ж-догу «Рубиконго чейин он кадам» документ повестин, «Турмуш поэзиясы» (1967), «Горький жандыгын оттун жанында» (1975) сын макала жыйнактарын чыгарган. Е. Г. Колесников (1935-ж. туулган) замандаштарынын мүнөздөрүн психологиялык жактан терең ачып берүүгө, орус ж-а кыргыз элдеринин достугунун башатын чагылдырууга умтулган прозачы катары белгилүү. «Томаяк» (1975) повести Ала-Тоо жергесинен турак таап, мээримдүү кабыл алынган келгин орустун тагдырын сүрөттөйт. Л. М. Аксельруд (1933-ж. туулган) «Кайчы жолдор» (1976), «Үндөр» (1980) аттуу оригиналдуу беш саптуу ыр жыйнактары м-н белгилүү. Сатира жанрында М. М. Ронкин (1928-ж. туулган), Э. И. Прag (1930-ж. туулган) ийгиликтүү иштеп жатышат («Актылар жана фактылар», 1963; «Шамал», 1967, «Аяктайлы», 1969). М. Ронкин лирик катары да белгилүү. Анын чыгармаларына чыйчылдык, жөнөкөйлүк, граждандуулук, поэзиянын классикалык формаларына жакындык мүнөздүү («Жүрөк эстелиги», 1978).

Кыргызстандын орус жазуучулары кыргыз ж. б. жазуучулардын чыгармаларын орус тилине которуп, аларга сын пикирлер айтуу м-н кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө кыйла салым кошууда. Сынчы, котормочу В. П. Горячих (1916—72) 1946-жылдан респ-калык басма сөздө иштеп, адабият ж-а иск-во маселелери б-ча 300дөн ашуун макала жазган. Ал Т. Абдумомунов, С. Шимеев, К. Жантөшев, А. Токомбаев, М. Элебаев, К. Бектенов, С. Сасыкбаев, С. Жусуевдин чыгармаларын орус тилине которгон. 70-жылдарда Кыргызстандын орус жазуучуларынын жаш өкүлдөрү чыгармачылык ишке бет алды. Алардын арасында С. Токомбаева («Жылдын бешинчи мезгили», 1980), А. Зайцев («Данакер» 1979), Н. Пустынников («Өрттөнгөн жерден өскөн гүл», 1980), А. Никитенко («Күн карама», 1978), ж. б. бар. Респ-калык адабий-көркөм ж-а коомдук-саясий журнал «Литературный Киргизстандын» беттеринде кыргыз адабиятынын жаңы чыгармалары орусча которулуп жарыяланып турат. *Е. К. Озмителъ*

ДҮНГӨН АДАБИЯТЫ

Улуу Октябрга чейин дүнгөндөрдүн жазмасы болгон эмес. Бирок элдик оозеки чыгармачылыгы бай келип, анда тарыхый дастандар, баатырдык, эпикалык, лирикалык, сатиралык ырлар ж-а тамашалар көрүнүктүү орун ээлеген. Алардын көбүндө эл таалайы үчүн күрөшкөн эр жүрөк баатыр адамдар ж-дө баяндалат. Дүнгөн элинин лирикалык ырлары адамдын ички дүйнөсүн чагылдырып, көңүл эргиткен пазиктиги м-н айырмаланат. Көпөктөр лирикалык ырларга жакын. Сатиралык ырларда помещиктер, молдолор келекеленип, алардын шаан-шөкөттүү турмушуна кембагалдардын жакырчылыгы, алардын кыйынчылыктан ыңдыны өчпөгөнү карама-каршы коюлат. Дүнгөн адабияты элдин акылмандыгын чагылдырып, байлардын ач көздүгүн, эки жүздүүлүгүн аткерелеп, кедейлердин акылдуулугун, боорукердигин көрсөткөн жомокторго, макал-лакаптарга бай. Алардын тили курч, көркөм. Ыр түрүндөгү макалдар да жолугат. Дүнгөн элдик оозеки чыгармачылыгы Окт. рев-ясынан кийин улуттук адабияттын калыптанышына ж-а жаңы мазмун м-н байышына зор таасир тийгизген.

Совет бийлигинин жылдарында дүнгөндөр маданий өнүгүштө зор ийгиликтерге жетишти. Лениндик улут саясатын турмушка ашыруунун патыйжасында Кыргызстанда дүнгөн элинин тарыхында биринчи жолу анын фонетикалык жазмасы жаралып, жаңы алфавитте китептер басыла баштап, мектептерде дүнгөн тилинде окуу киргизилген. 1932-жылдан «Дүн хуошир» («Чыгыш учкуну») газетасы чыга баштайт. Бул дүнгөндөрдүн маданий турмушундагы маанилүү окуя болуп, жаңыдан жаза баштаткан жаш жазуучуларды, акындардын (Ясыр Шиваза, Юсуп Яншансин, Хусэ Макэ, Карим Маев, Юсуп Цунвазо) чыгармачылыктарынын өнүгүшүнө обөлгө түзгөн. 30-жылдарда Кыргыз мамл. басмасы м-н Кыргызстан жазуучулар союзунда дүнгөн жазуучу-акындарды, адабий майданда күч сынаган студенттерди бириктирген дүнгөн секциясы ачылган. Дүнгөн жазуучуларынын, акындарынын бир катар поэтикалык ж-а прозалык жыйнактары басмадан чыккан. Алардын чыгармаларынын негизги тематикасын дүнгөн элинин тарыхы, анын ичиндик Кытайдагы оор абалы, дүнгөндөрдүн орус букаралыгына өткөндөн кийинки (1878) турмушу, тиричилиги, үрп-адаты түзөт.

Дүнгөн адабиятынын өнүгүшү талаптуу жазуучу ж-а акын Ясыр Шивазанын ысмы м-н тыгыз байланыштуу. 1931-ж. анын «Чолпон» аттуу ырлар жыйнагы жарык көргөн. Бул — акындын чыгармачылыгында гана эмес, бүтүндөй дүнгөн элинин тарыхындагы түңгуч жыйнак. 1932-ж. анын экинчи жыйнагы «Революция толкуну» басылып чыгат. 1934-ж. Я. Шиваза, Юсуп Яншансин, Карим Маев үчөөнүн «Эмгек гүлү» аттуу жыйнагы жарыяланган. 1937-ж. ж-а 1939-ж. Я. Шивазанын ыр жыйнактары Москвада орус тилинде чыгат. 60—70-жылдарда «Жазгы жел» (1960), «Менин жазым» (1974), «Жазгы кайрыктар» (1979) жыйнактары басылат. Акындын чыгармалары боордош кыргыз тилинде да чыгып келатат («Таңкы чолпон», 1941; «Чыныдагы жазуу», 1977 ж. б.). «Шэнсиго кат» (1952) поэмасында дүнгөндөрдүн турмушу Совет бийлигинин жылдарында кандайча өзгөргөнүн жазат:

— Волгадай агып жаткан бакыт таптым,
Мен андан каалаганча ичтим эркин.
Колдогу аккуудай мен сүздүм, баттым,
Бактымды араладым, ичтим эркин.
Адамдын бул дүйнөдө мен бактылуу,
Деп мен ар дайым айтам муну.

Хусэ Макэ — белгилүү чеберлердин бири. «Эмгек гүлү» жыйнагында анын бир нече ырлары басылган. Кийин «Түңгуч эмгек» (1958), «Менин эскерүүлөрүм» (1958), «Жаз гүлү» (1961), «Эңсеген ырым менин» (1970, дүйнөдөн кайткандан кийин жарык көргөн) деген жыйнактары чыккан.

60—70-жылдарда дүнгөн жазуучуларынын катарына Арди Арбуду, М. Хасанов, Я. Хавазов сыяктуу жаңы

күчтор кошулган. А. Арбудунун «Алп жүрөгү», «Кыз кыялы» повесттери, «Марсунун олүмү», «Бир таштын тарыхы», «Эне жүрөгү» ачемелери дүнгандардын турмуш тиричилигинин өзгочолуктору ж-до баяндайт. Анын чыгармаларында макал-лакаптар, учкул сөздөр жыш учурайт. М. Хасанов рев-яга чейинки тематикага көбүрөөк кайрылат («Эки тагдыр», «Тоодо» ачемелери).

Кыргыз, казак, өзбек, тажик ж-а СССРдеги башка улуттардын жазуучуларынын мыкты чыгармалары дүнган тилине которулган. Орус жазуучуларынын чыгармаларын которуу иши дүнган адабиятынын калыптанышына чоң таасир тийгизип, акын-жазуучулардын көркөм чеберчилигинин өсүшүнө, поэтикалык каражаттардын, образдардын жаңыланышына шарт түзгөн. Дүнган жазуучуларынын бир катар чыгармалары (Ясыр Шивазанын жыйнактары, А. Арбудунун ачемелери) орус ж-а кыргыз тилдерине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыккан.

Ф. Х. Макеева

КӨРКӨМ КОТОРМО

Кыргызстанда көркөм котормо профессионал адабият м-н бир мезгилде пайда болгон. 1924-ж. «Эркин Тоо» газетасында М. Ю. Лермонтовдун «Уч курма» аттуу ырынын кыргызча котормосу жарыяланган. Котормочу К. Баялинов алгачкылардан болуп кыргыз окурмандарын А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, М. Горькийдин чыгармалары м-н тааныштырган. Сөз чеберлери котормо аркылуу профессионализмдин негиздерин үйрөнүп, калыц эл массасын дүйнөлүк маданияттын казынасы м-н тааныштырып, жазма адабий тилди өнүктүргөн. Котормо өнөрү алгачкы кыргыз акындары, прозачылары ж-а драматургдарынын чыгармачылык жактан калыптанусуна өбөлгө түзгөн. Кыргыз адабиятчылары Батыш м-н Чыгыштын, баарыдан мурда орус классикасынын көркөм сөз маданиятынын кылымдар бою топтолгон тажрыйбасын такай өздөштүрө баштаган. Өздөштүрүү көбүнесе адегенде татар, казак тилдери аркылуу жүргөн. 30-жылдарда У. Абдукаимов А. С. Пушкиндин ырлары м-н поэмаларын, Н. В. Гоголдун «Текшерүүчүсүн», М. Горькийдин ачемелерин, К. Эшмамбетов М. Е. Салтыков-Щедриндин ачемелерин, Шекспирдин «Гамлет», «Отелло» трагедияларын, К. Маликов Л. Н. Толстойдун повесттерин, К. Эсенкожоев Ж. Свифтин «Гулливерин», А. Осмонов И. А. Крыловдун тамсилдерин которушкан.

Котормочулук тажрыйбасы болбогон кыргыз жазуучулары адегенде көбүнчө интуиция б-ча иштеп, түп нусканын жалпы мазмунун берүү м-н чектелишкен да, которууга татаалыраак айрым жерлерин калтырып, текстке артык баш перселерди кошуп да жиберишкен. Көпчүлүк учурда чыгарманын стилдик өзгочолуктору эске алынбаса да, бирок алгачкы котормо тажрыйбаларынын мааниси чоң болгон. Котормо боордош элдердин маданияттарынын өз ара байышын шарттап, кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынын көркөм деңгээлин жогорулаткан. Кыргыз жазуучу, акын ж-а драматургдарынын орус тилин үйрөнүшү жаш улуттук адабияттын тез өнүгүшү үчүн зор маанеге ээ болгон. 30-жылдарда дүйнөлүк ж-а орус классиктеринин чыгармаларын которуу салтка айлана баштаган; ошону м-н бирге кыргыз адабиятынын мыкты үлгүлөрү орус тилине которулуп, ал аркылуу СССР элдеринин башка тилдерине которулган. Ошентип, котормо адабий байланыштын пайдубалын орноткон.

40—50-ж. көркөм котормонун арымы кыйла кеңип, Л. Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтыгы», Н. В. Гоголдун «Өлүү жандары» (С. Бектурсунов), М. А. Шолоховдун «Которулган дыңы» (А. Аралбаев), Б. Полевойдун «Чыныгы адам жөнүндө повести», Р. Ролландын «Кола Брюньону» (О. Орозбаев), Абайдын ырлары (А. Токомбаев), Р. Тагордун ачемелери (Д. Абдылдаев) д. у. с. которулган. ВКП(б) БКнын идеология маселелери б-ча бир катар токтомдору ж-а Кыргызстан Компартиясынын 5-съездинин (1949) чечимдери кыргыз совет адабиятынын андан ары өнүгүшүндө чоң роль ойногон. Орус адабиятынын классиктеринин ж-а сов. жазуучулардын чыгармаларынын кыргыз тилинде көптөгөн нуска м-н жарык көргөн. Респ-када котормо иши кыйла ыраттуу түрдө жүргүзүлүп, чыгармалардын бүтүндөй жыйнактары, ыр, драмалык чыгармалар которулган. Кыргыз окурмандары М. Горькийдин 9 томдук чыгармалар жыйнагы, «Корей акындарынын үнү» (1952), «Украина акындары» (1954), «Монгол жазуучуларынын ачемелери» (1955), «Советтик Балтика боюнун акындары» (1955), «Түркмөн акындары» (1957) аттуу жыйнактар м-н таанышкан. Жыйнактарды түзүүгө акын-котормочулар Т. Үмөталиев, К. Акаев, С. Жусуев активдүү катышкан. Түп нусканын бардык каспеттерин ачып берүүгө умтулуу бир эле чыгарманы көп варианта которуу салтынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. А. Осмонов бул салтты алгач баштоочулардан болгон. Ал 1940-, 1948-, 1949-ж. Ш. Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр», А. С. Пушкиндин «Евгений Онегин», В. Шекспирдин «Отелло» аттуу чыгармаларын Ж. Бөкөнбаев, К. Баялинов ж-а К. Эшмамбетовдон кийин кайра которгон. Сапаттуу котормолордун пайда болушу жаңы адабий жанрлардын өнүгүшүн, кыргыз жазуучуларынын көркөм чеберчилигинин жогорулашын, окурмандардын маданий деңгээлинин өсүшүн, котормо салттарынын калыптанышын, профессионал котормочу кадрлардын пайда болушун шарттаган.

60—70-ж. Керез Ырсалиев А. А. Блоктун ыр-поэмаларын, А. Т. Твардовскийдин «Мейкинден мейкинге» поэмасын, Э. Б. Межелайтистин «Адамдын», Гётенин «Фаустун», Э. Турсунов Н. А. Некрасовдун «Россияда ким жыргайт» поэмасын, С. Ерматов, К. Саякбаев, К. А. Федиддин романдарын, С. Наматбаев В. М. Шукшиндин ачемелерин которгон. Бул кезде котормочулук опор чеберчилиги кыйла оскон. Профессионал котормочуларга жаңычыл изденүү, көркөм сезимталдык, мыкты эрудиция, түп нускага камкор мамиле кылуу мүнөздүү. Респканын көптөгөн белгилүү жазуучуларынын котормочу катары иштешин бул өнөрго жогорку эстетикалык талап коюуга мүмкүндүк берүүдө. Кыргызстанда көркөм котормонун сыймык өнүгүшү көтормо теориясы үчүн бай материал берет. Илимий изилдөөлөр пайда болуп, котормо теориясы калыптанууда. 1951-ж. Кыргызстан жазуучулар союзунда көркөм котормонун маселелери б-ча кеңири заседание, 1953-ж. респ-калык кеңешме, 1955-ж. Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын пленуму, 1961-ж. региондук конф-я болуп өткөн. 1971-ж. 20-сентябрда Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети «Республикада көркөм котормонун абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө» токтом кабыл алган. Кыргызстан жазуучулар союзунда респ-када чыгып жаткан котормо адабиятынын сапатын жакшыртуу жагында иштеген көркөм котормо совети уюштурулган. Көркөм котормонун проблемалары боюнча иштеген сынчылардын, адабиятчылардын тобу пайда болду (К. Рысалиев, К. Абдыкеримов, Ч. Жолдошева ж. б.). Кыргыз адабиятынын ар бир маанилүү чыгармасы м-н окурмандардын кеңири чойросун тааныштыруу закон чөнөмдүү көрүнүш болуп калды. Токтогул, Тоголок Молдо, А. Токомбаев ж-а А. Осмоновдордун ыр китептери ж-а чыгармалар жыйнактары, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, Т. Үмөталиев, К. Маликов, К. Каимов, Ш. Бейшеналиев, Т. Касымбеков, К. Жусубалиев, М. Байжиев, М. Гапаров, Б. Жакиев ж. б. жазуучулардын көптөгөн китептери орус тилинде басылган. Кыргыз адабиятынын бүткүл союздук окурмандардын энчисине айланышында орус адабиятчыларынын эмгеги зор. Ошентип, биздин өлкөнүн элдеринин ортосундагы көп түрдүү байланыштардын ичинде көркөм котормо маанилүү орунда турат. Кыргыз элинин маданияты дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн өздөштүрүү м-н барган сайын кеңейип өнүгүүдө.

К. Х. Жийдеева

СССР элдеринин кыргыз тилине которулган көркөм адабий чыгармаларынын басылып чыгышы (1926—82)

Кайсы тилден которулган	Китеп саны	Тиражы, миң нуска
Азербайжан	11	83
Армян	9	70
Башкырт	4	25
Балкар	6	47
Белорус	9	73
Бурят	2	21
Грузин	7	59
Дагестан	7	41
Даргин	1	12
Дунган	11	60
Еврей	3	22
Казак	26	218
Калмак	1	2
Каракалпак	4	21
Латыш	13	92
Литва	8	61
Мари	1	10
Молдаван	6	48
Нивхи	1	6
Ногой	1	15
Орус	541	4575
Өзбек	26	176
Тажик	21	111
Татар	12	68
Түркмөн	7	69
Уйгур	1	5
Украин	22	136
Хакас	2	12
Чуваш	1	6
Чукча	1	10
Эстон	5	43
Якут	3	20
Бардыгы	773	6217

БАЛДАР АДАБИЯТЫ

Кыргыз балдар адабияты Совет бийлигинин жылдарында жаралган. Анын өнүгүшүндө элдик оозеки чыгармачылык башкы булактардын бири катары маанилүү роль ойнойт. Улуу акын Тоголок Молдо балдар үчүн элдик оозеки поэзиянын мыкты үлгүлөрүн тандап алып, аларды жаңы мазмун м-н байыткан. «Турна менен Түлкү», «Борү менен Түлкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» ж. б. жомоктордун сюжеттеринин негизинде ал реалисттик пландагы чыгармаларды жараткан. Ошентип, Тоголок Молдонун тамсилдери кыргыз балдар адабиятынын башталышы болуп калды. Мындан тышкары ал балдар адабиятындагы сатиралык жанрдын да баштоочусу («Телибай тентек», «Кемчонтой», «Жанбактылы»). Тоголок Молдо балдарга арнап санат-насыят мүнөздүүдөгү чыгармалар жазган («Адамдын мүнөзү», «Элкин тоо», «Жер жана анын балдары»). «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Турумтай», «Торпогум» ж. б. ырлары бөбөкторго арналган. 20-жылдарды А. Токомбаевдин «Курманбек», «Жетим» поэмалары, К. Баялиновдун «Түлкү менен Суур», «Чабалекей менен Жылан» ачемелери жарыяланган. Бул чыгармалар фольклордук сюжеттин негизинде жазылып, алардан композицияны оригиналдуу курууга, пейзаждык өз алдынча сүрөттөөлөрдө үмтулгандык байкалат.

Соц. чындык — балдар адабиятынын өнүгүшүнүн негизги булагы. 20-жылдарда кыргыз жазуучулары жетимдер темасына кеңири көңүл бурушуп, бир катар чыгармалар жаратылган. Буларда балдардын өткөндөгү мүңдуу турмушун совет доорундагы алардын бактылуу турмушу м-н салыштырып, соц. түзүлүштүн артыкчылыктары ишенимдүү ачылып көрсөтүлгөн. Мисалы, А. Токомбаевдин «Эшим жетим» (1928) поэмасы, К. Баялиновдун «Жетимдин олүмү» (1926), «Мурат» (1928), «Бактылуу жетим» (1929) ачемелери, Р. Шүкүрбековдун «Жаркынай» ачемеси (1929) ж. б. 30-жылдарда жаңы жанрлардын пайда болушу менен балдар адабиятынын тематикасы да кеңиген. М. Элебаевдин «Кыйын кезең», «Зарлык» аттуу чыгармалары кыргыз жаштарынын билимге умтулуусун чагылдырат. С. Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу» (1932), «Чабандын уулу», «Көк музоо» (1935), К. Маликовдун «Бактылуу кыз» (1936), «Сарала козу» (1935) ачемелери, «Сулайманов Керимбек» (1937) деген ыры, А. Токомбаевдин «Биздин китеп» (1936) ырлар жыйнагы балдардын соц. курулушка катышуусу ж-до, эмгекке тарбиялоо, коммунисттик адептүүлүк, мектепте окутуу ж. б. үчүн болгон күрөш ж-до баяндаган. Ошондой болсо да бул мезгилдерде жазуучулардын тажрыйбасынын жетишсиздигинен улам актуалдуу проблемалар али жеткиликтүү көркөм чагылдырылган эмес, бирок биринчи беш жылдык мезгилиндеги кыргыз балдарынын турмушу ж-до кабар берилген. Ошол кезде түзүлгөн образдар кийинки мезгилдеги өспүрүмдөр адабиятындагы оң каармандын мүнөзүнө негиз болгон. 30-жылдарда балдар адабиятында илимий фантастика жанры жаралган (К. Эсенкожоев, «Саякатчы бала», 1937; «Үчүнчү шар», 1939; «Родинанын уулу», 1939). К. Эсенкожоев — «Канаттуулардын сыры» (1939) поэмасынын ж-а балдар үчүн жазылган бир катар ырлардын да автору.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы балдар адабиятына жанрдык бир беткейлик мүнөздүү. А. Токтомушевдин «Бала», Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмаларында, С. Сасыкбаевдин «Партизандын уулу» ачемесинде сов. адамдардын эрдиги ж-а мекенге берилгендиги баяндалат. А. Токомбаевдин «Бүркүт менен Үкү», Ж. Бөкөнбаевдин «Сагыган сактыгынан өлбөй, суктугупан өлөт» аттуу ырларында фашист баскынчылардын жыркыч кебетеси көрсөтүлөт. К. Баялиновдун «Ал эми жетим эмес», Т. Сыдыкбековдун «Кичинекей патриоттор» ачемелеринде эл достугу, совет адамдарынын ооруктагы эмгеги, эрдиги чагылдырылган.

1950-ж. Кыргызстан ЛКЖС БКсы балдар адабиятын өнүктүрүү маселесин каран, респ-канын жазуучулар союзунда атайын секция ачылган. «Ленинчил жаш», «Комсомолец Киргизии», «Кыргызстан пионери» газеталарынын редакцияларына балдарга, өспүрүмдөргө арналган чыгармаларды системалуу түрдө жарыялап туруу тапшырылган. Согуштан кийинки он жылдыкта А. Токомбаевдин «Биздин китеп» (1949, 2-басылышы), «Белегим» (1951), А. Осмоновдун «Балдар үчүн» (1947), Т. Үмөталиевдин «Биздин жер» (1948), «Кубат» (1953), А. Токтомушевдин «Жаштын тилеги» (1948), Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» (1953) романы, К. Жантөшевдин «Тилек» (1949) повести, И. Байтемировдун «Жаш мууздар» (1951), «Сагын» (1953) повесттери, С. Сасыкбаевдин, М. Жангазиевдин бир катар ачемелери жарык көргөн. Чыгармаларга тематиканын кеңейдиги, турмуштун ар түрдүү аспектилерин камтуу мүнөздүү, аларда каармандардын ички дүйнөсү чагылдырылган. Ш. Бейшеналиевдин «Кычан» (1956), А. Токтомушевдин «Жакын уулу» (1958) чыгармалары тарыхтын барактарына арналган.

60-жылдарда балдар адабияты жаңы баскычка көтөрүлүп, респ-канын жазуучуларынын 3- ж-а 4-съезддеринин аралыгында эле Кыргызстанда кеңеже, тестиер, өспүрүм балдар үчүн эки жүздөн ашуун китеп мингеден тираж м-н басылып чыккан. М. Жангазиевдин «Жети жылдыктын жеткинчектери» (1961), «Когултур Ысык-Колдо» (1969), И. Байтемировдун «Акбаш» (1969), Ш. Бейшеналиевдин «Мүйүздүү козу» (1965) аттуу китептери жарык көргөн. Бул мезгилде жазылган ыр жана ачемелер образынын конкреттүүлүгү, элестүүлүгү м-н айырмаланган. Т. Кожомбердиев «Көлчүктөгү ай» (1961), «Биз турган жер бийик тоо» (1965) жыйнактары акындын балдар темасында олуттуу эмгектенгендигин көрсөтөт. И. Исаковдун «Достук» (1963) поэмасында орус, кыргыз, казак элдеринин ортосундагы боордош байланыштар ж-до баяндалат. М. Жангазиев, Ш. Бейшеналиев, С. Эралиев, А. Айтбаева, К. Бектенов ж. б.

жазуучулардын чыгармаларында Октябрдын жоңиттери, баатырдык доор ж-дө айтылат. Я. Б. Земляк да балдар үчүн коп жазган. 1949-ж. анын «Парад» деген туңгуч китепчеси, 1954-ж. «Биздин бала бакча», «Биз ынтымактуу балдарбыз», 1955-ж. «Пол жууруч», 1957-ж. «Жацы оюн», 1962-ж. «Биздин пионерлер келатат», 1963-ж. «Бала менен топ», 1967-ж. «Күн булак» китептери, 1968-ж. «Токой жомогу» пьесасы, «Канаттуу кыял» аттуу очерктер, ацчемелер жыйнагы, 1979-ж. «Ленин жана балдар» ыр цикли ж. б. жарык көргөн.

КПСС БКнын ж-а СССР Министрлер Советинин «Совет балдар адабиятын андан ары өнүктүрүү чаралары жөнүндө» (1969) токтому кыргыз жазуучуларынын чыгармачылык өсүшүнө маанилүү өбөлгө түзгөн. 70-жылдарда А. Айтбаевдин «Атанын аманаты» (1971), «Жер астында кимдер жашайт» (1974); Ч. Айтматовдун «Атадан калган тулк» (1970); М. Жангазиевдин «Менин бешим кыпкызыл» (1970), «Бала менин өмүрүм» (1971), «Көз нурларым» (1973), «Динара» (1975), «Торгойлор менен» (1979); Ш. Бейшеналиевдин «Ат жалында секелек» (1971), «Аманат» (1975); Т. Кожомбердиевдин «Кызгылтым кеч» (1973), «Тоо жана Кумурска» (1978), «Беке жана Меке» (1978), «Нурлуу терезе» (1975); А. Кыдыровдун «Ишеним» (1972), «Эки дос» (1975); И. Исаковдун «Бардыгын билгиси келген бала» (1971), «Жаш өмүрлөр» (1973) ж. б. китептер жарык көргөн. Бул чыгармалар сов. балдардын турмушун көркөм ж-а эмоционалуу чагылдырып, кыргыз балдар адабиятында соц. реализмдин принциптерин бекемден, аны бүткүл союздук аренага чыгарган. «Мүйүздүү козу» деген повести үчүн Ш. Бейшеналиев Х. К. Андерсен атындагы ардак дипломго татыктуу болгон (1978). Балдар жазуучуларынын чыгармачылыгынын андан ары активдешине респ-калык кецешме (1974), 1980-ж. Фрунзеде союздаш респ-калардын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н өткөрүлгөн Балдардын бүткүл союздук жумалыгы (1980) түртку болгон.

Кыргыз балдар адабиятынын көркөм фондусу СССР элдеринин ж-а чет элдердин көркөм чыгармаларын которуунун эсебинен да байыды. Чыгармалары кыргызчага которулган орус ж-а сов. авторлордун арасында — И. А. Крылов, А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, Н. В. Гоголь, Н. А. Некрасов, И. С. Тургенев, Л. Н. Толстой, А. П. Чехов, Д. Н. Мамин-Сибиряк, А. М. Горький, В. В. Маяковский, С. Я. Маршак, К. И. Чуковский, А. П. Гайдар, А. Н. Толстой, В. П. Катаев, С. В. Михалков, А. Г. Барто, М. М. Пришвин, В. В. Бианки, Н. Н. Носов. ж. б. бар. СССРдин дээрлик бардык элдеринин жомоктору, С. Айни, Айбек, М. Турсун-Заде, Б. Кербабаев, М. Ауэзов, Р. Гамзатов, Г. Гулям, О. Туманян, Н. Думбадзе, М. А. Стельмах, о. эле чет өлкөлүк Ш. Перро, Я. ж-а В. Гримм, Х. К. Андерсен, Д. Дефо, Д. Свифт, Г. Бичер-Стоу, М. Твен, Ж. Верн ж. б. жазуучулардын чыгармалары орус тили аркылуу кыргыз тилине которулган.

М. Тулегабылов

Ад.: Фольклор. Радлов В. В., Образцы народной литературы северных тюркских племён, Полн. собр. соч., т. 5, СПБ, 1885; Валиханов Ч. Ч., Собрание сочинений, т. 1—5, А. -А., 1972; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки, Фр., 1973, 707 б.; Тайгуреков А., Кыргыздын советтик фольклору, Фр., 1947, 108 б.;

Элдик поэзиянын эпикалык жанрлары. Суванбеков Ж., Кыргыз элинин баатырдык эпостору, Фр., 1970, 260 б.; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки, Фр., 1973, 707 б.

«Манас» эпосу. Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961, 378 с.; Ауэзов М. О., Мысли разных лет А. -А., 1962, 542 с.; Сыдыкбеков Т., Мезгил сабактары, Фр., 1982, 420 б.; Абдылдаев Э., «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары, Фр., 1981, 265 б.; Кыдырбаева Р., Генезис эпоса «Манас», Фр., 1980, 247 с.

Акындар поэзиясы. Виноградов В. С., Токтогул Сатылганов и киргизские акыны, М., 1962, 216 с.; Аманалиев Б., Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо. Дооктябрьский период, Фр., 1963, 228 с.; Таштемиров Ж., Токтогул жана акындык поэзия, Фр., 1980, 172 б.

Совет адабияты. История киргизской советской литературы, М., 1970, 543 с.; Садыков А., Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы, Фр., 1969, 259 б.; Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары, Фр., 1976, 726 б.; Керимжанова Б., Адабият жана көркөм чеберчилик, Фр., 1980, 264 б.; Озмитель Е. К., Киргизская литература и общесоюзный литературный процесс, Фр., 1975, 148 с.; Социалистический реализм в киргизской советской литературе, Фр., 1979, 122 с.; Жигитов С., Көркөм сөз маселелери, Фр., 1982, б.; Аскаров Т., Эстетическое постижение мира, Фр., 1982, 320 с.; Асаналиев К., Тандалмалар, Фр. 1983, 320 б.; Садыков А., Эл достугу — адабияттардын достугу, Фр., 1977, 121 б.; Гачев Г. Д., Чингиз Айтматов и мировая литература, Фр., 1982, 285 с.; Борбугулов М., Единство национального и интернационального, М., 1979, 270 с.

Кыргызстандагы орус жазуучулары. Озмитель Е. К., Литература горного края, Фр., 1971, 136 с.; Жолдошева Ч., Киргизская проза в русских переводах, Фр., 1977, 130 с.; Кулбатыров Д. М., Орус-кыргыз адабий байланышы, Фр., 1967, 128 б.


Дунган адабияты. Материалы по общей тюркологии и дунгановедению, Фр., 1964; Сушанло М., Дунгане, Фр., 1971; Юсупов И. И., Советские дунгане в период строительства социализма, Фр., 1977.

Көркөм котормо. Абдыкеримов К., Стих и искусство перевода, Фр., 1970, 144 с.; Джидеева К. Х., Поэтический перевод и взаимообогащение литератур народов СССР, Фр., 1972, 176 с.; Взаимовлияние и взаимообогащение литератур народов СССР, Фр., 1978, 170 с.


Балдар адабияты. Тулегабылов М., Кыргыз балдар адабияты, Фр., 1963, 93 б.; Кыргыз акын-жазуучулары — балдарга, Фр., 1973, 142 б.; Сулайманов М., Азыркы кыргыз балдар прозасы: адабий очерк, Фр., 1980, 72 б.; Детская литература Киргизии, М., 1978, 126 с.; Озмитель Е. К., Современность — источник поисков, новаторства, мастерства. Из опыта литературы наших детей, Фр., 1977, 212 с.



«Манас» аэровокзалы. Арх. В. И. Иванов, А. И. Куделя, А. Жумакалиев, инж. С. Лопатин. 1980.



1




2

3



1. Фрунзе шаарындагы автовокзал. Арх. О. Е. Бургунбаев. 1981. 2. Ысык-Көл областтык кыргыз драма театры. Арх. А. И. Куделя, Пржевальск, 1981. 3. Фрунзе шаарындагы «Аламүдүн» микрорайону. 1982.

ДИНИЙ ИШЕНИМ, САЛТ ЖАНА ҮРП-АДАТТАР



Селкинчек тебүү.

Кыргызстанда патриархалдык-феод. мамилелердин Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин дээрлик үстөмдүк кылып келиши элдин рухий турмушунда диндин маанилүү орунду ээлешине себеп болгон. Кыргыздардын официалдуу дини ислам болуп эсептелсе да, ал элдин диний түшүнүктөрүнүн толук мазмунун түзгөн эмес; анын үстүнө мусулманчылык м-н катарлаш диндин алгачкы формаларынын калдыктары да кыйла даражада сакталып келген. Азыркы Кырг-ндын аймагында исламдын таралышы (9—12-к.) андагылардын этностук тарыхы м-н байланыштуу. Кыргыздарды мусулмандаштыруу ж-догу кеңирээк тарыхый маалыматтар 16-к-га таандык («Тарихи Рашиди», «Мажму-ат-таварих», «Жалис жана Муштахин», «Зийа ал-Кулуб» ж. б.). Кыргыздар алгачкы диний ишенимдерди 16-к-га чейин гана эмес, андан кийин да узак убактарга чейин кармап келишкен. Осмон түрктөрүнөн чыккан Сейфи (16-к.) кыргыздарды «мусулман да, капыр да болгон эмес» деп жазган. Махмуд-ибн-Вели (17-к.) кыргыздарды капырлар деп атап, алар «...олкого өзбектердин келиши м-н мусулман болуп калышы ыктымал» деген. 17-к-да Тянь-Шандык кыргыздарга жунгарлардын бир катар кол салууларынын мезгилинде кыргыздардын бир бөлүгү мусулман калкы жашаган Фергана өрөөнүнө ж-а ага тутумдаш тоолуу райондорго оошуп отурукташуусуна байланыштуу мусулман дини Кыргызстандын аймагына кеңири тарала баштаган. Жаңы чөйрөдө кыргыздар жаңы динди да тез эле кабыл ала баштайт. Бирок Жунгар хандыгы кулагандан кийин кыргыздар мурдагы жашаган жерлерине кайтып келиши м-н мусулмандашуу процесси кайрадан солгундаган.

Кыргыздардын арасында ислам дининин өтө кеңири таралышы Кокон хандыгынын учурунда күчөйт, анткени динди таратуу Кокон башкаруучуларынын саясатынын бир бөлүгү болгон. Кыргызстандын аймагындагы стратегиялык маанисе бар жайларда чептер курулуп, мечит салынып, кокондук молдолор мечитти тейлей баштаган. Бирок кыргыздардын диний турмушунда мечиттин ролу чектелген абалда болгон. Анткени мечиттер көбүнчө чек ичинде курулуп, ал эми кыргыздар болсо алардан оолагыраак көчүп жүрүүгө аракет кылышкан. Ошого карабастан, кыргыздар дал ушул 19-к-да мацызын терең түшүнбөсө да, исламдын негизги ырым-жырымдарын өздөштүрө баштаган. Ислам үгүтчүлөрү кыргыз айылдарында күнүнө беш убак окулуучу намазды үйрөтүп, айрыкча исламдын мистикалык агымынын (суфизм) окуулары — эшендердин аракеттери Кыргызстандын түп. райондорунда өзгөчө күчтүү болуп, Чүй өрөөнүнө чейин жайылтылган. Эшендер өздөрүнө мюриддерди (суфизмдин жактоочуларын) курап, калктан зекет (мал, мүлк) чогултушкан. Ислам динин биринчилерден болуп манап, бай ж. б. башкаруучу таптын окуулары кабыл алышып, андан кийин букараларга жайылтылган. Ошентип, мусулмандаштыруу процесси узакка созулуп, татаал кырдаалдарда ишке ашырылган. Жаңы дин элге түшүнүксүз болгондуктан, аның эзилген катмары дин тоболдөрүн калктын мойнуна оор чыгымдарды жүктөгөн Кокон хандыгынын жактоочулары катары карап, аларга карата душмандык мамиледе болушкан. Кыргызстандын Россияга кошулушунун натыйжасында келип чыккан социалдык-экон. ж-а саясий өзгөрүштөр кыргыздардын арасында исламдын таралышын ого бетер күчөткөн. Кыргызстанга өзбек молдолору м-н бирге, шариат закондарын орундатууга анчалык катуу талап койбогондугу үчүн калк арасында көбүрөөк даңазалуу болушкан татар молдолору да келе баштаган.

Бирок, ошондой болсо да, исламдын идеологиясын таратуу кокондук, андан кийин россиялык бийликтердин, айрыкча, жерг. феодалдардын каалаганындай натыйжаларды бере алган эмес. Калктын негизги массасынын арасында диндик фанатизм бекем орун ала алган эмес; ал түгүл исламдын негизги догмалары эл үчүн белгисиз бойдон кала бергендиктен, дин ырым-жырымдарын ар бир эле киши аткара берген эмес. Бул ж-де 19-к-дын 2-жарымында Кыргызстанда болушкан салкатчылар м-н окумуштуулардын (М. И. Вешюков, Г. Е. Грумм-Гржимайло, Н. И. Гродеков, Ч. Ч. Валиханов ж. б.) билдирүүлөрү күбө болот. Кыргыздар «мусулман дининин түркүктөрү» (аркан-ад-дин) деп аталган беш милдеттин: динди тутуу (аш-шахад), намаз окуу (ас-салят), орозо кармоо (ас-саум); битир, зекет, садага берүү (ас-закят), ажыга баруу (ал-хадж) сыяктуу милдеттердин бирин да так орундатышкан эмес. Беш убак намаз окуу негизинен үстөмдүк кылуучу таптардын окуулдору тарабынан гана так аткарылган.

О. эле орозону да бардыгы текши кармаган эмес, кармагандары болсо (өтө динчилдери) орозонун башында 3 күн, ортосунда 3 күн, аягында 3 күн, ал тургай жогоркудай тартипте бир күндөн, бардыгы 3 күн (үч эм) гана кармоо м-н чектелишкен. Мекеге (ажыга) баруу бийлөөчү тарабын өкүлдөрүнүн гана колунан келип, алар «кудайы жардам» деминн болуп, мындан арбын киреше жыйнап алышкан. Кыргыздар мусулман майрамдарын бир топ кеңири белгилөөнү адатка айлантып, ага диндин эски формаларынын калдыктары да аралашып кеткен. Мис., отуз күндүк орозодон кийин орозо айтта ата-бабаларды ж-а өлгөндөрдү эскерүү максатында алардын арбагына атап куран окутуп, шам жагып, боорсок жасап, жыт чыгарышкан. Курман айт болсо тирүүлөрдүн майрамы катары өткөрүлүп, анда мал союлуп, курмандык чалынган.

Исламга чейинки коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү баскычтарынан калган диний ишенимдердин каада-салттары да ислам м-н бир катарда, айрым учурларда ага аралашып жашап келген. Кыргызстандын коз карашында диний ишенимдердин мурдагы калдыктарынан сакталып калган эң алгачкы формаларынын арасында тотемдик (ыйык) түшүнүктөр да болгон. Ал б-ча айрым уруктар же уруулар келип чыгышы жагынан көз бир айбанат, канаттуу м-н тукумдан («бир кандаш») деген идеяга негизделинип, ошолордун сөөктөрүн, канаттарын ж. б. мүчөлөрүн ыйыкташтыруурга алып келген. Түп. кыргыздардын бир чоң уруусунун «бугу» деп аталышы, ага байланыштуу бир катар уламыштардын, ишенимдердин болушу кыргыздардын бугуну өздөрүнүн түшкү теңи катары урматтаганын айгинелейт.

Буга бүркүт, карышкыр, тоо текеси урматтоо ж-догу кеңири жайылган ишенимдерин да байланыштырууга болот. Ошону м-н катар, кыргыздар зороастризмдик мүнөздөгү ишенимдерге ылайык көз бир айбанаттарга да сыйынышкан. Мындай урматтоолордун объектиси мифтик ак тайлак, жылан, үкү, аюу ж. б. болгон. Кыргыздардын диний түшүнүгүндө маанилүү орунду табияттын коргөөчүлөрүнө табынуу эмес, алардын эң эле байыркысы асманга — теңирге сыйынуу болгон. Кыйынчылык учурунда кыргыздар асманды каран: «Теңир, колдой көр»,— деп тилек кылып сураныпкан. Жаңтарга бата бергенде же кимдир бирөөнү жакшы тилек м-н алкаганда «теңир жалгасын», ал эми кимдир бирөөнү каргаганда «теңир урсун» дешкен. Кыргыздар асманды кудай катары баалоо м-н бирге, айга, жылдыздарга да табынышкан. Табиятка сыйынууда тирилиштин башаттары катары жер м-н сууга табынуу да маанилүү орунду ээлеген. Бул түшүнүктөрдү кыргыздар өз өзүнчө жиктебей бүткүл жер бетин «жер-суунун» жаратканы катары көрүшкөн. Эң байыркы ырым-жырымдардын бири «жер-суу таюуда» курмандыкка мал союлган. Кыргыздарга отондой эле тоо, көл, булак, дарак, ашууларды таюу чарбачылыкка байланыштуу келип чыккан. Табияттын көрүнүштөрүнө сыйынуунун укумдан тукумга калып келген элементтери отко сыйынуудан — «коломто таюудан» да көрүнөт. Ал коломто м-н байланышкан үй-бүлөлүк-туруштук ырым-жырымдарды ж-а байыркы түркчө түшүнүктөгү «умайга» сыйынуунун калдыктарын бириктирген. Исламга чейинки түшүнүктөрдө ата-бабалардын арбагына сыйынуу башкы орундардын бирин ээлеген. Кыргыздардын түшүнүгүндө ата-бабалардын арбагы тирүү укум-тукум, жакындарын колдоп, аларды ар кандай кырсыктардан сактайт имиш. Бул сыйынуу патриархалдык-уруучулук мамилелердин айкын күбөсү катары өлгөндөрдүн сөөгүн коюу ырым-жырымы м-н тыгыз байланышта. Мындай диний түшүнүктөрдүн көпчүлүгүнүн негизин анимисттик идеялар түзөт. Өткөн ата-бабаларды эскерүү ж-а сөөк коюу ырым-жырымдарында мусулмандык көз караштардын ж-а ырым-жырымдардын аздыр-көптүр таасиринин болгондугуна карабастан, кыргыздардын диний ишенимдеринин бүткүл комплексинин байыркы булактары, анын салттуулугу ачык көрүнүп турат. Шаман дини ж-а дарылоонун ага байланышкан түшүнүктөрү, ыкмалары кыргыздардын көз карашында маанилүү орунду ээлеп, алардын турмуш тиричилигинде бекем сакталып келген. Шаман эркектери — бакшы, ал эми шаман аялдары — бүбү деп аталкан. Бакшылар ак ж-а кара болуп болуңуп, өтө кудуреттүүсү кара бакшы деп эсептелген. Бакшылардын негизги милдети ооруларды, эң башкысы «нерв» ооруларын дарылоо ж-а «көзү ачыктык» кылуу болгон. Алар «жиндердин» жардамы м-н «дарылап», «көзү ачыктык кылышкан». Бакшылык каснет укумдан тукумга калат деп эсептелген. Кыргыз бакшыларынын бир жагынан түш. сибирдик, экинчи жагынан о. азиялык шамандарга (суфизм) көп окшоштуктары болгон. Исламга салыштырганда ага чейинки диний ишенимдер турмушка ж-а жашоого көбүрөөк ийкемдүү болгон. Анткени ал кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө б. а. ага сиңген патриархалдык-уруулук салттарга байланыштуу болгон. О. эле табияттын стихиялык күчтөрүнө (эпизоотия, кургакчылык ж. б.) көбүрөөк көз каранды болгон мал чарбасы да исламга чейинки диний-магиялык көз караштардын сакталып калышын шарттаган.

Кыргыздардын үй-бүлөлүк, турмуш тиричилик карым-катнаштары, өздик салттары ж-а ырым-жырымдары патриархалдык-феод. мамилелердин ж-а көчмөн турмуштун шарттарына байланыштуу келип чыккан. Бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүү м-н ар бир адам өз үй-жайын көчмөнчүлүк тиричиликке ыңгайлуу бекем ж-а кооз үй буюмдарын жасап алууга умтулушкан. Жерге салынуучу кооз шырдак, боз үйдүн уук-керегелерин бириктирип, байлап турган саймалуу кооз сызма, керегенин сыртынан калануучу чырмалган канат чий, көчмөндөрдүн алып жүрүүсүнө ылайыкталып, териден ж-а жыгачтан жасалган кооз эмеректерди ж. б. ар түрдүү буюмдарды даярдоо салттары ушундайча пайда болгон. Кыргыз боз үйүнүн өзү эле эл чыгармачылыгынын зор чеберчилигин айгинелейт. Боз үй унаага жүктоп көчүп жүрүүгө, тез чечип ж-а кайра тигүүгө өтө ыңгайлуу жасалган. Анын мыкты үлгүлөрүн негизинен үстөмдүк кылуучу таптардын өкүлдөрү пайдаланышса да, аларды жараткандар жонокой гана адамдар болушкан. Көптөгөн чеберлер бир персени жаратып гана тим болбостон, өздик тажрыйбаларды чогултуп, салт б-ча аны кийинки муунга калтырышкан. Чет өлдүк баскынчыларга каршы ж-а уруулардын арасындагы өз ара көп сандаган согуштарды башынан өткөргөн кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында анын патриоттук салты калыптанган. Ата Мекенди душмандан коргоо жоокерлердин ыйык милдети болгон. Жоокерлер жооо аттанарда каармандык м-н күрөшүүгө ант берип, кылыч өбүшкөн. Эл, жерди душмандан коргоо, каармандыкты көрсөтүү, чыккынчылыкты өтө жек көрүү б-ча ой-пикирлери көп сандаган макал-ылакаптарда, аңыз-аңгемелерде, поэмаларда чагылдырылган. Өздик баатырларды терең урматтоо кыргыз элинин эзелтен берки салты болуп келген. Алардын алп күчү ж-а баатырлыгы ж-дө ыр чыгарышып, мүрзөлөрүнө сыйынышкан (Тайлак баатыр). Өздик баатырлар ж-догу идеалы «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Жаңыл Мырза» ж. б. дастандарында чагылдырылып, патриоттук ж-а баатырдык ж-догу ой-пикирлери залкар эпос «Манаста» өзгөчө даана көрсөтүлөт.

Үй-бүлө турмуш тиричилигине байланыштуу салт да өзгөчө орунду ээлейт. Кылымдар бою келе жаткан мындай салт көптөгөн муундардын даанышмандыгынын жемиши. Улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүү, өзгөчө ата-энеңи сыйлоо, бири-бирине жардамдашып, кыйынчылыкта колдоо аракеттери адеп-ахлактуулуктун эң жогорку көрүнүшү болгон. Меймандостук — кыргыз элинин өзгөчө улуттук белгилеринин бири. Колунда болгон акыркы даамын меймандын алдына коюуну ар бир кыргыз ыйык милдет катары эсептейт. Ошентсе да, өзүнүн башталмасын, балким, бардык оор жумуштарды

биргелешип иштешкен алгачкы уруучулук мамилелеринин түшунда алган бул байыркы салттар рев-яга чейинки мезгилде таптык максаттарда трансформацияланып, көчүлүк учурларда кыргыз коомунун эзүүчү тапгарынын өкүлдөрү бай-манаптар үчүн кызмат кылган. Мис., байыртан келе жаткан оз ара жардамдашуу салты соок коюуда, ат берүүдө бай-манаптар тарабынан жарды «туугандарынын» эсебинен (конок алуу, кошумча) жүргүзүлүп, түтүн башынан алым жыйноого айландырып жиберген. Үй-бүлө турмуш тиричилигинин көптөгөн салттары диний-магиялык ырым-жырымдар м-н чырмалышып кеткен. Алсак, төрөлгөн балага жеңтөк берүү, тушоо кесүү өңдүү тойлор м-н катар табияттан тышкары күчтөргө ишенүүгө байланышкан ырым-жырымдар колдонулган. Мис., бала жаңы төрөлгөндө «азан» чакырып, ат коюу, ырымдан бешикке салуу, карын чачын алдыруу. Үй-бүлө үлпөттөрүндөгү башкы орундардын бирин үйлөнүү тою ээлеген. Үйлөнүү тоюнун бүткүл ырым-жырымдарынын шарттарын орундоо бардар тапгын өкүлдөрүнүн гана колунан келген. Буларга: баалуу кийит кийгизүү, калың, түркүн сеп берүү, жаштарга өпкө чабуу ж. б. кирет. Булардан башка да кыргыздардын үйлөнүү тоюнда айылдаштар көпкө чейин унутпай айтып жүргүдөй оюн-тамашаларды: кыз оюнун, аркан тартышуу, «кемпир өлдү» оюнун, айтыштарды же сармерденлерди ж. б. оюн-зоокторду уюштуруу керек болгон. Үйлөнүү салтынын бир жакшы жагы күйөосүнүн бардык тууганларынын келинди кезектешип «отко киргизиши» болуп эсептелип, ушундан кийин келин алардын үйлөрүнө эркин барып турууга жол ачылган.

Кыргыздардын соок коюу үрп-адаттары исламга чейинки же исламдык салттардын таасиринде өткөрүлгөн. Булар «кара аш», «жаназа», «дооран», «жыртыш» сыяктуулар болуп, өлүмдүн биринчи күнү кара ашында жылкы же башка бодо мал союлуп, көмүүгө катышуучуларга: соок-тамырларына, ата-ата улуулан айыл аксакалдарына акча (мүчө), мал, жыртыш таратылып берилген. Соок коюудагы эң маанилүү салт — аны урмат м-н узатуу. Өлгөн адамдын жакын туугандары кандай алыс жерде жүрбөсүн, келип топурак салууга милдеттүү болгон. Жакындарынын буга катышпай калуусуна эч кандай себептер жол берген эмес. Салттын ушунчалык катуулугуна байланыштуу — соок чыккан үй-бүлө, топурак салууга катышпай калган агайин-туугандары м-н байланышын биротоло үзүп коюуга чейин барган. Өткөндөгү салт-майрамдарынын ичинен ар жылдын 22-мартында белгиленүүчү жаңы жыл тосуу — «Оруздаманы» («Нооруз») алууга болот. Узакка созулган кыштан кийин адамдар жаңы жыл м-н жазды тосуп, бири-бирине жакшылык каалашкан. Ар бир үйдө сүр эт м-н буудай коже бышырылган. Майрамдын «Чоң коже» аталышы да ушундан келип чыккан.

Улуу Окт. рев-ясынын жеңишинен кийин совет элинин социалдык-экон. шарты, рухий турпаты өзгөрүп, ушуга байланыштуу кыргыз элинин ар түрдүү салт, үрп-адаттары да өзгөрүүгө дуушар болду. Улуттук прогрессивдүү салттар андан ары өнүктүрүлүп, эски турмуш тиричилик м-н байланыштуу жактары колдонуудан биротоло чыкты. Окт. м-н кошо жаралган жаңы, айрыкча коомдук турмушту кучагына алган салттар пайда болуп, онүгө баштады. Октябрь рев-ясын ыя жүзүнө ашырган элдин рев-ячыл духу м-н пафосун чагылдырган жаңы салттардын (7-ноябрь, 1-май, 8-март, 23-февр. күндөрүн белгилөө) өсүү ж-а бекемделишине түрткү болду. Рев-ячыл өзгөрүш үй-бүлө ж-а турмуш тиричиликке да таасир тийгизди. 20-жылдарда, бардык олколөрдөгүдөй эле, Кыргызстанда да рев-ячыл салт б-ча үйлөнүү (кызыл той), балага ат коюу тойлору ж. б. сыяктуулар өткөрүлө баштаган. Булардын муноздүү белгилери үй-бүлөлүк ырым-жырымдарга рев-ячыл духту киргизүү болуп саналган. Клуб, китепкана, кызыл үй ж. б. эмгекчилер арасында диңге каршы агитация ж-а пропаганда иштери кеңири жүргүзүп, бул саясий-агартуу маселелеринин башкы милдеттеринин бири болгон. 40—50-жылдарда бурулуш учурдун соц. мацызын чагылдырган жаңы салт, үрп-адаттардын калыптануу процесси жүргон. Кыргызстан Компартиясынын БКсынын бир катар токтомдору партиялык ж-а коомдук уюмдардын жаңы үрп-адаттарды изилдөө ж-а киргизүү б-ча максаттуу иш-аракеттерин күч алдырды. Реси-када жаңы үрп-адаттарды иштеп чыгуу, аны киргизүү б-ча советтер түзүлдү, Атөнзм үйү ачылды, 1967-ж. Фрунзеде никелешүү үйү курулуп, кийинки жылдарда Ош, Пржевальск, Сулүктү ж. б. шаарларда бакыт үйлөрү пайда болду. Комсомолдук той, никелешүүнү салтанаттуу каттоо, туулган күнду белгилөө, мектепти бүтүрүү, паспорт алуу, жумушчулукка отүү, ветерандарды урматтоо, пенсияга салтанаттуу узатуу сыяктуу ж. б. контогон салттар реси-канын турмушуна бекем сиңе баштады. Кылымдардан бери келе жаткан улуттук контогон үрп-адат, салттар соц. жаңы мазмунга ээ болду. Буга мисал катары төкмө акындардын айтыштарын келтирүүгө болот. Улуттук иск-вонун бул формасы Совет бийлигинин учурунда сакталып гана калбастан, мазмунун да өзгөртүп өркүндөдү.

Сов. башка өлдөрдөй эле кыргыздарда да үй-бүлө тарбиясындагы улууларды урматтоо салты мектептерге өткөн. Кыргыздын мектеп окуучулары мугалимдерине «агай», «эже» деп кайрылышат. Кыргыз элинде мейманлостук, достукка бекемдик, кырсыкка учурагандарга жардамдашуу ж-а ушул сыяктуу жакшы салттар да сакталып өнүгүүдө. Албетте, мындай жакшы салт, жөрөлгө башка өлдөрдө да бар, бирок кыргыз элинин өткөндөгү шарттарынын, географиялык чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү ж. б. факторлор саналган салттардын бекемделишине кошумча шарт түзгөн. Атеисттик иштерди жүргүзүү маселелерине партия зор көңүл бөлүүдө. КПСС БК эмгекчилерге атеисттик тарбия берүүнү жакшыртуу б-ча бир катар токтомдорду кабыл алган. Бул документтердин негизинде реси-канын партиялык, профсоюздук, комсомолдук уюмдары, «Билим» коому, чыгармачыл союздары, маданий-агартуу мекемелери, басма сөз, радио, телекөрсөтүү, кино ж. б. калика атеисттик тарбия берүүнү жакшыртуу б-ча конкреттүү иш-чараларды жүргүзүп жатат. Окуучу жаштар м-н студенттерге атеисттик тарбия берүү б-ча зор иштерди мугалимдер ж-а жогорку окуу жайларынын окутуучулары жүргүзүүдө.

Т. Ж. Баялиева

Ад.: Венюков М. И., Очерки Заилийского края и Причуйской страны, в кн.: «Записки Русского географического общества», СПБ, 1861, кн. 4, с. 79—120; Бартольд В. В., Киргизы, Фр., 1972, 57 с.; Валиханов Ч. Ч., собр. соч. в 5 тт., т. 1, А.-А., 1961, 776 с.; Айтмамбетов Д., Культура киргизского народа во второй половине XIX и в начале XX вв., Фр., 1967, 309 с.; Документы свидетельствуют, Фр., 1970, 191 с.; Абрамзон С. М., Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи, Л., 1971, 403 с.; Баялиева Т. Ж., Доисламские верования и их пережитки у киргизов, Фр., 1972, 170 с.; Вольтер Г. А., Роль революционных, боевых и трудовых традиций в воспитании молодёжи, Фр., 1972, 50 с.; Есенгелдиев С., Улуттук жана диний традициялар жонүндө, Фр., 1969, 68 б.; Дорженов С., Кыргыз элинин атеисттик көз карашынын тарыхынан, Фр., 1974, 102 б.; Материалы по истории киргизов и Киргизии, М., 1973, 280 с.; Домусульманские верования и обряды в Средней Азии, М., 1975, 340 с.; Мифы и действительность, Фр., 1979, 204 с.

МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫНЫН САЛТТАРЫ

Кыргыз элинин материалдык маданияты өзүнүн сак, гунн, түрк, усун, монголдордон бери келаткан байыркы көчмөндүк салттарына ээ экендигин жазма даректер, о. эле Кыргызстандын аймагынан казылып алынган археологиялык табылгалар күбөлөйт. Кыргыздардын көптөгөн кылымдан берки көчмөн турмушу алардын

материалдык маданиятынын бардык түрүндө терең из калтырган. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушу (1863) анын экон. ж-а социалдык турмушун кайра куруугa ж-а кочмон турмуш тиричиликтин патриархалдык негизинин акырындык м-н өзгөрүүсүнө алып келген. Патриархалдык мамилелер 19-к-дын акыркы чейрегинде отурукташуунун, капитализм элементтеринин өнүгүшүнүн, Кыргызстандын аймагына келгиндердин көчүрүлүп келе башташынын ж-а соода мамилелеринин түзүлө баштоосунун патыйкасында бузула баштаган. Кыргыз элинин маданияты айланасында жашаган өзбек, тажик, уйгур, казак, дунган, ал эми акыркы жүз жыл ичинде орус, украин элдеринин маданияттары м-н өз ара тыгыз байланышта өнүгүп олтурган. Кыргыздардын материалдык маданияты озунун ар бир көрүнүшүндө (турак жай, кийим-кече, тамак-аш) эскинин элементтеринин сакталышына, коомдун таптык жиктелишинен пайда болгон локалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бирдиктүү ж-а өз алдынча.

Турак жай. 19-к-дын 2-жарымында кыргыздардын турак жайлары көчүрүлмө ж-а туруктуу болуп экиге бөлүнгөн. Кочмон ж-а жарым кочмончулук мезгилде несизги турак жай боз үй болуп, кочмондордун бүткүл турмушу ошондо өткөн. Боз үйдүн кереге-ууктары, үзүк-туурдуктары ж. б. кочмондор тарабынан кылымдар бою улам жаңыртылып, жакшыртылып келген: боз үй чечүүгө, чогултуп кайра тануугa, ошондой эле унаага жүктөөгө өтө жеңил, ыңгайлуу, болук-болугу м-н тацылып, кайра тез кураштырылып тигилет. Бир конуштан экинчи конушка көчкондө боз үйдүн жыгач-ташы, тутуулары жылкы, тоноз, төөлөргө жүктөлөт. Аны тигүүдө, а дегенде 5—6 канаттан, чоң боз үйлөрдө — 8—12 канаттан турган керегелери тегерек кылынып жазылып бириктирилет да, болукчолордон турган босогосу аштылып, ага экн жакка каалга орнотулат. Боз үйдүн орточо диаметри 5 *м*, бийиктиги 3—3,5 *м*ге жетет. Кереге орнотулгандан кийин бакандын жардамы м-н түндүк көтөрүлүп, ага ууктар сайылып, ууктун билеги керегенин ачаларына бекитилип байланат. Керегенин сырты чырмалган чий м-н капталып, боз үйдүн бүт тулкусу ар кыл кийиздер м-н (үзүк, туурдук, түндүк ж-а эшик жабуулар) жабылат. Кыргыз боз үйү казак ж-а О. Азиянын башка элдеринин боз үйлөрүнө окшош келсе да, анын көркомдүүлүгү элдин көңүлүнө толгон, ички-тышкы жасалгалары м-н айырмаланып турат. Боз үйдүн ичине жүндөн токулган таар, кийиз, шырдактар, талпак, көлдөлөң ж-а жер төшөктөр салынат. Керегенин ачаларына кийим-кечек салына турган ар кандай өлчөмдөгү баштык, куржун сыяктуу ар түрдүү буюмдары илинип коюлат. Боз үйдүн ортосуна коломто жайгашып, оттун жарыгы ж-а жылуулугу үйгө бирдей таралат. Үй-бүло мүчөлөрүнүн боз үйдөгү орун алышы кылымдардан бери улуулугуна, сыйлуу меймандыгына карата болот. Эшиктен кире бериш оң тарабы — эпчи жак аталып, бул аялдарга тиешелүү; мында тамак-аш, идиш-аяк сакталат; сол тарабы — эр жак деп аталып, ал эркектерге тиешелүү: кире бериштен баштап эле малчылыкка, аңчылыкка керектүү буюмдар ж-а ат жабдыктары илинип коюлат. Боз үйдүн ичин жарык кылуу үчүн чоюндан же чоподон жасалган идишке май куюлуп, кебез билиги м-н күйгүзүлгөн чырак пайдаланылган. Чырак кооздолуп жасалган атайы жыгач текченин үстүнө коюлган. Текченин жерге сайын коюу үчүн бир жагында ичке учтуу сабы болгондуктан, чырак зарылчылыгына жараша үйдүн ар кайсы жерине көчүрүлүп урунулган. Керосин м-н күйүүчү чырактар 20-к-дын башталышында гана пайда болгон. Боз үйдүн тор жагына жүк жыйылган: сандык, жыгач такта же кыдырата тизилген таштардын үстүнө үй-бүлөнүн бүткүл турмуш тиричилик байлыгын түзгөн килем, жууркан-төшөк, жаздык, ар түрдүү кийиздердин түрмөгү, кийим-кече оролгон таңгак, куржун ж. б. текчеленин жыйылат; ушул жыйылган жүктөрүнө жараша үй эсепин материалдык байлыгынын өлчөмүн байкоого болгон. Ардактуу мейманга эң жакшы баалуу шырдак, көрпө төшөк, куш жаздык, мыкты делген жууркандар төшөлүп, боз үйдүн төрүнө орун салынып берилген. Үйдүн ички ж-а сыртқы жасалгалары дайыма анын эсинин тантык абалын күболон келген. Байлардын үйлөрү чоңдугу ж-а жасалгалуулугу м-н айырмаланган. Аларга оймо-чиймелеген боолор тартылып, бышык жасалган ак кийиздер жабылган. Үйдүн ичи кийиз, шырдак, жүндөн токулган ар түрдүү килем, оймолуу жасалгалар, кооз түр салынып чырмалган чий-чыгдандар м-н жабдылган. Отону м-н катар байлардын бирден эмес бир нече боз үйлөрү болуп, алар үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө, келүүчү меймандарга, жакы үйлөнгөндөргө, тамак-аш бышыруугa атайы арналып тигилген. Ал эми кочмондордун басымдуу көпчүлүгүндө кичирээк же орточо өлчөмдөгү бирден гана үй болгон. 19-к-дагы саякатчылар кыргыз коомундагы социалдык кескин карама-каршылыкты баса белгилешип, тамтыгы кетип жыртылган, ыш басып эскирген жаман үйлөрдө жашаган көпчүлүк элдин өтө начар абалын ачык көрсөтүшкөн. Байдын малын бакан жардылар учтары бириктирилип буулган, түн жагы жерге сайылган ууктарга (же таякчаларга) үзүндү эски кийиз жабылган кара алачыктарда турушкан.

Кыргыздар адатта уруу-уруу б-ча бир айылга бириги, биргелешип көчүшкөн. Кыштоолору анчалык бийик эмес ороондун шамал тийбеген ыктоо кокту-колотторунда, сууга жакын ж-а малга оттуу жерлерде болгон. Мал киргизиле турган короо-сарай, бастырмакалканчы таш, чырпык же ылайдан курулган. Барабара кыштоолорго туруктуу турак-жайлар ж-а чарбачылыкка ылайыктуу курулуштар салынып, айрым ыңгайлуу кыштоолордо кийин калк отурукташкан кыштактар пайда болгон. Кыргыздар дыйканчылыкка өткөндөн кийин да, көпчүлүк үй-бүло боз үйлөрдө жашап, турмушун улантышкан же аны экинчи турак жай катары пайдаланышкан. Кыргызстанда туруктуу типтеги айылдардын ж-а турак жайлардын мүнөздөрүндө чоң айырмачылыктар болгон. Бул болсо географиялык ж-а тарыхый өзгөчөлүк, жерг. салт, о. эле кыргыз элинин отурукташууга өтүшүнүн бир убакыттын ичинде жүргүзүлбөгөндүгү м-н түшүндүрүлөт. Эгерде туруктуу типтеги турак жайлар түш. ж-а түш.-батыш райондордо 19-к-дын биринчи жарымында эле пайда болсо, калган аймактарда негизинен 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында пайда болгон. Феод. тобелдердун заңгыраган үйлөрү бар көптөгөн чарба курулуштарын ж. б. кучагына алган өзүнчө бөлүнгөн ири чарбактары алыстан эле көзгө чалынып турган (Ысык-Көл, Кетмен-Төбө ороондорунда). Бай-манаптарга жалданып иштеген батрактар алардын айланасында акмалап, боз үй, жер кепелерде жашашкан. Тоолуу райондордогу кыргыздардын отурукташуусунда өтө байркы тартиптер сакталып, көчө түзүлүштөрү м-н үйлөрдү куруу чар жайыт болгон — үйлөр топ-топ же анча чоң эмес чарбактык мүнөздө жайгашкан. Түштүктөгү көп кыштактар тоо этектей жантаймаларга салынып, тажик кыштактарына окшош кеткен. Көз бир кыштактар жолдордун же суулардын бойлоруна узатасынан салынган. Түн. райондордо орус ж-а украин кыштактарындай негизинен көчөлүү типтө салынган. Буга мисалга Чүй ороонундо 19-к-дын аягында пайда болгон эки жагына катар теректер тигилген бир көчөлүү алгачкы кыргыз кыштагы Там-Дөбөнү, Ысык-Көл ороонундогу көчөлөрү кеңири, түз Даркан кыштагын алууга болот.

Кыргыздар турак үйлөрдү куруу өнөрүн өзбек, тажик, уйгурлардан үйрөнүшкөн. Кыргыздардын алгачкы курулуштарында алардын тийгизген таасири байкалып турат. Кыргыз үйлөрүн куруунун эволюциялык процессине 19-к-дын аягында Кыргызстанга көчүрүлүп келип, кыштак кура баштаган орус, украин келгиндери да зор таасир тийгизген. Кыргыздардын үй куруу тажрыйбасында терезелери көчөнү караган, төшкичтүү айванчалуу ж-а бийик учурмалуу жыгач үйлөрдү, аларга удаа короодогу башка үй курулуштарын, о. эле үйлөрдү көчө бойлото куруу пайда боло баштаган. Келгиндер үй куруунун жерг. ыкмаларына таянып, керегесин топурактан жасаган үйлөрдү курушкан. Бирок кыргыздар үй курулушундагы жаңылыктарды кабыл алуу м-н бирге оздөрүнүн кылымдардан берки көнүмүш салттарын да пайдаланып келишкен. Үйлөрүн ички ж-а тышкы болмолорго бөлгөн эмес, кыштактарын бийик дубалсыз, түз ж-а кең көчөлүү кылып курушкан.

Үй куруунун техникасы б-ча кыргыздар ар түрдүү ыкмаларды пайдаланышкан. Түн. райондордо үйдү топурактан согуп жасашса, Ысык-Көлдө мындай сокмо тамдардан сырткары жыгач үйлөрдү да курушкан. Түш. райондордо адатта үйлөрдүн дубалын ылайдан томолоктолгон (пакса) же кесек (гувалак) коюу аркылуу көтөрүп курушкан. Түш.-батышта каркастык (дубалды ылай м-н бекитип жасоо) негизде жасашкан. Кийинчерээк бардык жерде үйлөрдү бышырылбаган, айрым учурларда бышкан кирпичтер м-н куруугa өтүшкөн. Алгачкы салынган үйлөр анча чоң эмес, бир же эки болмолүү, таманы жер, дубалдарынын бети одоно шыбалган, фундаментсиз болгон. Очогу боз үйдүкүндөй жерге жасалып, үйдүн тобосүнөн түтүн чыга турган мор чыгарылган. Терезе үчүн кичинекей тешик оюлуп, ал тактай м-н жабылып коюлчу. Айрым үйлөрдө терезенин оюктары дубалдын үйдүн тобосүнө жеткен жеринен чыгарылган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында кыргыздар кеңири морлуу, алды жагы ачык очокторду жасай башташкан. Бул очок негизинен тамак бышыруугa гана колдонулуп, үйлөрдү жылыта алган эмес. Түштүктө өзбек үйлөрүнө мүнөздүү тектирче ачык сере терраса лар ды, түндүктө болсо орус үйлөрүндөй кууш терраса, жабык верандаларды курушкан.

20-к-дын башында үйдүн ар түрдүү конструкцийдагы бир нече түрлөрү болгон. Анын памирдик түрүнө (Ош обл-нын Баткен, Фрунзе р-ндору, Алайдын батыш бөлүгү) бир чатырдын астына адам жашай турган үй, мал короо, отун, жем-чөп сарайлары курулат да, өзүнчө короо-жайы болбойт; үйгө бир эшиктен гана кирип чыгышат. Үй сокмо жолу м-н жасалып, дубалдары бийик, үстү жалпак жабылып, жоон устундар м-н кармалат. Төбосүндөгү төшкичтүү жанма төшиктен түтүн чыгат, о. эле андан үйгө жарык кирет. Үйдүн ичине ылай секиченин үстүнө очок салынган. Үйлөрдүн ферганалык түрү төбөлөрү жалпак жабылып, дубалдары пакса, гувалак ылайдан же каркастан курулган мындай үйгө ачык терраса аркылуу кирип чыгат да, анын дубалынын ички беттеринде ар түрдүүчө оюлуп жасалган текчелери болот. Ушул сыяктуу эле төбөсү жаныз же учурмалуу жабылган үйлөр да болгон. Бирок буларда көбүнчө дубалдын ички бетиндеги оюктары ж-а ачык террасалары болбойт. Фергана тибиндеги үйлөрдүн көптөгөн варианттары болуп, 20-к-дын башында алар өтө кеңири жайылган. Ушул мезгилде үйлөрдүн түрлөрүнүн аталган айрым элементтеринен пайдаланып курулган үйлөрдү салуу салтка айланды. Булардын архитектуралык конструкциясына орустун да, тажик-өзбектин да (дубалдардын ички бетиндеги оюктарды, ачык террасаларды жасоо, эки жагында жантаймалуу чатырдын болушу сыяктуу) курулуш ыкмаларын колдонуп, үйдүн дубалдары көбүнчө кыш м-н көтөрүлөт да, түбүнө пайдубал курулат.





Кийим-кечек. Кыргыздардын байыркы салттык кийимдери бир аз гана өзгөрүүлөрү м-н отурукташууга чейин сакталып келген. Отурукташууга өткөндө кийимдер да өзгөрө баштап, эркектер м-н аялдардын кийимдериндеги бирдейлик, ар кайсы уруулардын кийимдеринде өзгөчөлүктөр жоюлуп, эскиче бычуу олуттуу өзгөрүп, алардын айрымдары колдонуудан таптакыр калгандыгы байкалат. Кийимдердин түрлөрү б-ча татар, өзбек, тажик, казак, орус, украин элдеринин тийгизген таасири зор. Бирок, кийим-кечек түрлөрүнүн бардыгы бирдей шартта өзгөргөн жок. Мал чарбачылыгы басымдуулук кылган жерлерде кийим-кечектин абалкы түрлөрү көпкө чейин сакталып келди. Кыргыздын эски салттык кийимдери адатта үйдө даярдалган материалдардан: жапайы аңдардын ж-а малдын кол м-н иштетилген терилеринен, бышык басылган жука кийиздеп, койдун, төөнүн жүндөрүнөн токулган таарлардан тигилген. Ошондой эле, көчмончулуктун шартында да кыргыздар сырттан келген товарларды: о. азиялык ж-а кашкарлык кустардык өндүрүштүн кездемелерин, кийинчерээк Россиянын фабрикалары чыгарган пахта, жибек, жүндөн токулган кездеме, баркыттарды алып пайдаланышкан. Отметин, фабрикалык материалдар акырындык м-н үй өндүрүшүндө даярдалган сокмолорду сүрүп чыгара баштайт. Жардылар үргүндай өң арзан кездемелерден (матадан) токулган кийимди кийишкен. Кыргыздар тигилүү кийимдерди да — негизинен көн учурда боюна чак келбеген чапандарды сатып алышкан. Ал өтө кымбатка түшкөн. Үйлөнүү тою үчүн кымкап чапанды сатып алууга бир тоо, жибек аралаш чапанга — эки кой беришкен.

19-к-да эркектердин эски үлгүдөгү ич кийими катары боору ачык көйнөк, дамбал ж. б. эсептелген. Көйнөктү ак бөздөн же матадан кементайга окшош бычып, этегин тизеден төмөн түшүрүп, жеңи колдун учун жапкандай балбырата тигишкен; алардын жакасы кайырмалуу же ачык болгон. 19-к-дын аягында бычуу үлгүсү бир кыйла өзгөрүп, кыска ж-а алды жагы топчулама тик же ачык жакалуу көйнөктөр көбүрөөк тигиле баштаган. Эркектердин сырткы кийими ар түрдүү материалдардан: бир оңчөй же жол-жол издүү колдо согулган таардан, жумшак ийленген кой терисинен, булгаарыдан, аң терилеринен ж-а фабрикалык кездеме дан тигилген. Мындай шымдар шымданганда көмөлдүн этеги батындай туюк бычылып, анын ычкыр кашатына жиптен оролгон ычкыр өткөрүлгөн. Кооз жибек жип м-н тигилген, жумшак ийленген тери кандагай шымдар үргүндай байларга гана тиешелүү болуп, аны аш-тойлордо, анчылык кылууда, оюн-тамашаларда кийишкен.

Сырт кийимдердин бардыгы халат сыяктуу келип, кышкысын көрпө, саңсаңдан жакалуу же жакасыз эле өтө кенен тигилген тон кийишкен. Анын четтерине кара сатин, баркыт же кара көрпө бастырылып кооздолгон. Кышкы сый кийими карышкыр, сүлөөсүн, кундуз терилеринен жасалып, сырты нооту м-н тышталган ичик болгон. Кыргызстандын түндүгүндө ж-а түш.-чыгышында ак же каражын жүндөн жасалган кементайларды көбүнчө жылкычы м-н койчулар кийишкен. Ак кементай колунда барлардын арасында кеңири таралган. Аны кооздоп, баркыт м-н кыюулап жасашкан. Колго ийрилип, жүндөн токулган таардан жеңи узун, жакалуу же жакасыз, узун ж-а кенен чепкен тигишкен. Бул плащ катары сыртқы кийимдердин үстүнөн кийилип, малчыларды, мергенчилерди жаан-чачын, бороон-чапкын ж. б-дан коргогон. Фабрика же колдо жасалган кездеме м-н тышталып, ичине жүн, кебез салынып ичилиги шырылып тигилген чапандын түрлөрү кийин кеңири тарала баштаган. Жылуучулук мезгилдерде кийилүүчү тыгыз кездемеден тигилген орнотмо жеңдүү, чөнтөктүү, адамдын денесине ылайыкталып тигилген биринчи сырткы кийим бешмант пайда болот.

Абалтан эле эркектер кийимдин сыртынан кур курчанышкан. Эң байыркы колдо өрүлгөн курлар кийинчерээк фабрикалык кездеме курлар м-н алмаштырылган. 19-к-дык акыркы чейрегинде кыргыз эркектери ж-а аялдары өзбектер м-н тажиктер сыяктуу чарчысын келтирип жоолук м-н белди курчап жүрүүгө өтүшкөн. Колунда бар кыргыздар бетине күмүш купалар чаптырылып, булгаарыдан жасалган жазы кемерлерди курчанышкан. Курга кындуу бычак, устара, шибеге ж-а оттук таш байланып жүрүшкөн.

Кыргыздардын баш кийимдери да ар түрдүү болгон. Улгайган эркектер жайкысын же үйүндө жүргөндө ар түрдүү материалдардан тырылып же тырылбай тигилген топуларды, түш. тарапта сатылып алынган тоңу-

Кыз-келиндер жасалгасы: 1. Шөкүлө. 2. Чач мончок. 3. Төштүк (ала таман). 4. Сөйкө (сырга).

түштүктө кыздар туурасынан бычылган көйнөк кийишкен. Кийинчерээк аялдар көбүнчө тик жакалуу бүчүлүк тагылган көйнөктөрго өткөн. Жаканын бойромчосу атайын саймаланып жасалган көкүрөк жапкыч (өңүр) м-н жабылган. Өңүр ак боз, баркытка сайылган. 19-к-дын алгында анча бийик эмес тик жакалуу көйнөктөр тигиле баштайт. Бул татар маданиятынын таасиринен пайда болсо керек; көйнөктөрдүн жакалары топчу м-н топчуланган. Кийинчерээк түн. кыргыздар көкүрөк жагынын мурдагыдай формасын сактап, белинен төрт талаалуу этек кураштырылып тигилген көйнөктөргө өтө баштайт. Аялдардын сырткы кийимдери бычымы б-ча эркектердикине окшош (чапан, тон) болгон. Кыргыз аялдарынын этностук өзгөчөлүгүн күбөлөөчү илгерки кийими — белдемчи; ал аялдын келбетин келишимдүү көрсөткөн. Белдемчи бычылышы, тигилиши, кооздолушу ж-а жасалган материалына жараша көп түргө бөлүнөт. Ал кара же түстүү баркыттан, өзбектин кустардык жибектеринен жасалып, түрдүү жиптер м-н саймаланып, жээктерине көрпө карматылып, этек жагы кепеп бычылып, бели эндүү кур сыяктуу тасмага бекитилет. Бул көчмөн турмушта ат үстүндө жүрүүгө да, үй тиричилигинде да эң ыңгайлуу кийим болгон. Белдемчини аялдар гана тартынган. Кыргыз аялдарынын баш кийимдери да ар түрдүү, татаал ж-а өзгөчө болгон. Кыздардын баш кийими — шуңшугуй төбөлүү тебетей. Бирок, 19-к-дын орто ченинде колдонуудан чыгып, алардын ордуна түштүктө топу, түндүктө кыздардын тебетейлеринин өзгөргөн түрү пайда болот. Аның төбөсү түстүү баркыт м-н тышталып, кыргагы ак терилери, көбүнчө кундуздун терисинен капталган. 19-к-дын ортосунда кыздар күйөөго чыгуу тоюнда күмүш, шуру, бермет, седеп ж. б. м-н кооздолгон шөкүлө кийишкен. Аялдардын бардык жердеги негизги баш кийими элечек болгон. Аның формасы ар жерде ар түрдүү келип, элечек, илеки, келек деп аталат. Элечекти жеңил ж-а жука ак тайпыдан, адегенде башка такыя кийип, сыртынан кылдаттык м-н орош жасашкан. Элечек жайы, кышы дебей кийилип, ансыз күйөөлүү аялдар эч жакка бара алышкан эмес, элечек кийип жүрүп үй жумуштарын да жасай беришкен. 20-к-дын башталышынан тартып элечек жоолук м-н алмаштырылып, адеп: каймакты кол м-н чалуу же атайын жыгач челекте бишкек м-н бышуу аркылуу алынган. Кыргыздардын илгертен бери суусун катары ичкен эң жакшы көргөн ичимдиги кымыз болуп эсептелот. Кымыз жылкы, төө, серкенин ысталган терилеринен тигилген сабага ачытылган. Андан чанач, коокорлорго куюп алып, жыгач аяк, чойчок м-н ичишкен. Жыгачтан жасалган идиш-аяктар кеңири колдонулган. Жергиликтүү усталар аяк, табак, чара, кашык, сузгу, чөмүч ж. б. жасашкан.

Дыйканчылыктын өнүгүшү м-н тамак-ашка дан азыктары (ун, талкан) улам көбүрөөк кире баштайт. Данды сокуга күйүшөп тазалап, жаргылчакка тартып, эгер арбыныраак болсо, тегирменге салдырышкан. Байыркы убактан бери тоңуу кеңири пайдаланылып келген. Аны кууруп, актап талкан жасашкан; тоңуу кожо бышырышкан. Талкан кууруларын, түктөлгөн арпадан же буудайдан да жасалган. Жардылар үчүн талкан негизги тамак болгон. Көчмөн шартта ыңгайлуу ж-а пайдалуу тамак — жаңыма болуп эсептелген. Ал акталган тоңууга каймак же жылкынын майы аралаштырылып, кичинеден томолоктолуп, ынталып жасалган (коолонгон талкан), бул көчкөндө ала жүрүп тамактанууга ыңгайлуу болгон. 20-к-дын башынан тартып ар кандай жол м-н нан бышырыла баштайт (казанга жабуу, көмөчтанга же корго көөмп бышыруу ж. б.). Нанды майга бышыруу (боорсок, май токоч) эзелтен бери келе жаткан салт. Кийинчерээк куймак, каттама, жупка ж. б. пайда болгон. Тоңуу шактан буудай угутупун жардамы м-н бозо ачытылган. Күндөлүк ичилүүчү жарма, максым сыяктуу ичимдиктер ар бир үйдө жасалган. Индун умачынан атала бышырылган. Чайды бардар кыргыздар гана сатып алышы, кедейлер чай ордуна кургатылган ар түрдүү чөптөрдү, мөмөлөрдү кайнатып ичишкен. Ысык-Көлдө чайга сүт же каймак куюп, туз татытып, кээде каймакка ыңталган талкан м-н ичишкен. Жапайы өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүн кыргыздар илгертеден эле тамак катары кеңири пайдаланып келишкен.

Кыргыз тамак-ашынын түрлөрүнө дунгандардын, уйгурлардын улуттук тамагы: лагман, самса, түчбара, мантуу кире баштаган. Бара-бара кыргыздар орустар м-н украиндердин борщ, сорполорун да бышыруунү үйрөнүп, өзбектердин, тажиктердин, кийин орустардын дыйканчылык чарбаларынын таасири м-н кыргыздарда жашылчачылык, мөмө бактарын өстүрүү иштери башталган.


К. И. Антипина

Ад.: Абрамзон С. М., Очерки культуры киргизского народа, Фр., 1946, 122 с.; его же, Киргизы, в кн.: «Народы Средней Азии и Казахстана», т. 2, М., 1963, серия «Народы мира», с. 222—263; Махова Е. И., Материальная культура, в кн.: Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан, М., 1958, с. 138—207; Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962, 286 с.; её же, Юрта — ценный памятник культуры киргизского народа, в сб.: Памятники Киргизстана, Фр., 1970, с. 65—72; Акматалиев А., Кыргыздын кол өнөрү, Фр., 1975, 18 б.; ошонуку, Улуттук кийимдер, «Жаш ленинчи», 1981, № 11, 27—28-б.

гендө жоолукту элечек сымал салынышкан. Аялдардын келбетине көмүмча көрк кошкон, улуттук өзгөчөлүктү түзгөн жасалгалар — кыргыз зергерлеринин колунан жаралган күмүш иймек, шакек, билерик, чачпак, чач учтук. 19-к-дын алгында ар түрдүү тыйындарды кооздукка пайдалануу кеңири таралып, алар м-н баш кийимдер кооздолуп, чачка ж-а көкүрөккө тагылуучу кооздук буюмдар жасалган. 20-к-дан тартып күмүштөн жасалган оор салмактуу кооздук буюмдары акырындык м-н колдонулуудан чыга баштайт.

Тамак-аш. Бүткүл материалдык маданияттын ичинен байыркы салт тамак-ашта туруктуу сакталган. Турмуш тиричиликтин ж-а чарбанын көчмөн шарты элдин ботончо үрп-адаттарын ж-а табиттерин жаратkан. 19-к-да кыргыздардын негизги тамак-ашы эт, сүт болгон. Мындан башка тоңуу, арпа, буудай сыяктуу дан өсүмдүктөрүн да пайдаланышкан. Бирок, тамак-аштын жылдык, күндүк болуштүрүлүшү бирдей болгон эмес. Калктын кончулугү даамсыз, бир түрдүү суюк тамак-аш м-н күн көрүшкөн. Жыл бою этти байлар гана жешкен. Тамак-ашты аялдар даярдашкан. Эркектер мал союу, жиликтен бузуп казанга салуу, бышырылган этти табак жасап тартуу м-н гана чектелишкен. Негизинен кыргыздар кой, үй, жылкы, төө, эчки, топоздун этгерин жешкен. Байыркы салт б-ча жылкынын эти жогору бааланып, андан сый тамак-аш даярдалган. Этти ар түрдүү жол м-н: ыштоо, желге сүрсүтүү, унга ороо аркылуу сакташкан. Колунда бар адамдар кеч күздөн баштап согум союп алышкан. Жылкынын казысынан чучук, боорду майдалап (кийинчерээк күрүч кошуу м-н) быжы, койдун өпкөсүнө сүт, май куюп олобо жасашкан. Адатта кыргыздар этти көп пайдаланышкан. Казанга өлчөөсү м-н суу куюлуп, туз салынып, эт жакшы бышырылгандан кийин, табакка чыгарылып, тартылган. Устукандар тартиби м-н алынгандан кийин, сулп эт майда тууралып, мурч-пияз кошулган чык сорпо, кээде кесме да кошулуп беш бармак жасалган. Кыргыздын бул сый тамагы азыр да кеңири таралган. Ушул мезгилге чейин байыркы салттын тартиптери, өзгөчө устуканды болуштүрүп тартуу сакталып келет. Улуулугуна, беделине карата устукандар баш, жамбаш, жото жилик ж. у. с. тартип м-н берилет. Түш. кыргыздар илгертеден эле өзбек, тажиктерден күрүчтөн ж-а эттен палоо басууну үйрөнүшкөн. Палоо — ушул күндөрдө да кеңири тараган сый тамак.

Кыргыздар уйдун, кой-эчкинин, бээнин ж-а топоздун сүтүн бышырып же чийки ачытып (айран, кымыз ж. б.) ичип келишкен. Күнүмдүк тамактануууда сүттөн айран уютуп ичүү өтө кеңири таралган. Жайлоого чыккан мезгилде сүттөн кышка карата ар түрдүү тамактар даярдалган. Айрандан сүзмө ж-а курут жасалып, сүзмөнү сууга эзип чалап кылып ичип, курутту майдалап, май кошуп кайнатып, курут жарма жасашкан. Кыргыздардын даамдуу, жакшы көргөн тамагы эжигей болгон. Даярдалган сары май койдун жыдытылып, үйлөнүп кургатылган карынына сакталган. Май ар түрдүү жол ме-






Совет аллы, Фрунзе ш.
К. Орозов атн. эл аспаптар оркестри концерт учурунда. 1980.

АРХИТЕКТУРА ЖАНА ИСКУССТВО

АРХИТЕКТУРА, ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ЖАНА СҮРӨТ ӨНӨРҮ

Архитектура. Улуу Октябрь рев-ясына чейинки мезгил. Иск-вонун Кыргызстандын аймагындагы байыркы эстеликтери неолит доорунан башталат (Ак-Чуңкур үңкүрүндөгү жаныбарлардын сүрөттөрү). Арпа өзөнүндөгү көрүстөндөрдөн (Кыргызстандын түштүгүндө), Жайылма ж-а Кайынды айылдарынан (Чүй өрөөнү), Талас ж-а Кетмен-Төбө өрөөндөрүнөн табылган карапа буюмдары коло дооруна таандык деп эсептелет. Аларга геометриялык оймо-чиймелер чегилген же калың м-н түшүрүлгөн. Фергана кырка тоосунун Саймалы-Таш өрөөнүндөгү (Саймалы-Таш 1 деп аталган) байыркы петроглифтер б. з. ч. 1-миң жылдын мезгилдерине тийиштүү. Алардан тоо теке, аркар, тоңоздордун, чегилген өгүздөрдү айдап бара жаткан адамдын (булар үрп-адат көрүнүштөрү катары божомолдонот) сүрөттөрү деп чечмелөөгө болот. Кыргызстандын түштүгүндө топурак коргондор ж-а мунаралар м-н курчалып, кыштан курулган курулуштарга бай Кош-Булак, Кара-Дарыя, Жаңы-Базар, Шоро-Башат (б. з. ч. 4—1-к.) шаар урандылары табылган. Божомолдорго караганда Шоро-Башат байыркы Ферганаын маанилүү борборлорунун бири болгон; анын коргонуна шаар айлапасындагы өзөн жээгинин чыканактарындагы чакан чептер (Дөң-Булак, Түп. Өзгөн, Кызыл-Өкт.) да кирген. О. эле б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягына таандык коптогон чарбактардын урандылары (Чаткал суусунун өрөөнүндөгү Чандалаш шаар урандысы) табылган. Кыргызстандын түштүгүндө ж-а түш.-батышында учуроочу сырдалган ж-а сүрөт тартылган карапа буюмдар, негиздери кызгылт-когуш же сары-кызыл перселерге түшүрүлгөн коңур-кызгылт-көк же кызыл, кээде түз сызыктуу, ийри-буйру, жаа сымал, чекиттүү, тор түрүндөгү кара ж. б. саймалар, Аравандан табылган алтын ж-а коло асем буюмдар, даана көрүнгөн сүрөттөр (аттардын солокоту), Саймалы-Таштагы кийинки мезгилге (б. з. 1-к-на чейинки) таандык петроглифтер негизинен б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягына тиешелүү. Кыргызстандын түн. райондорунда ж-а Тянь-Шанда көчмөн сактардын (б. з. ч. 7—3-к.) ж-а усундардын (б. з. ч. 2-к., б. з. 5-к.) көрүстөндөрүнөн соок м-н көшө коюлган коло буюмдар, чырактар, казандар (Ысык-Көлдүн жээгиндеги табылгалар; аларга топоз, тоо теке, арстан, илбирстердин сөлөкөттөрү тартылган); ат жабдыктын тоо теке, бөкөн, бугунун сүрөттөрү чегилип түшүрүлгөн металл бөлүктөрү, асем буюмдар (мис., Чүй өрөөнүндөгү усундардын көрүстөндөрүндөгү куштардын сөлөкөттөрү м-н кооздолгон коло тооногучтөр) табылган. Сак мезгилине таандык табылгалар жасалуу ыкмасы б-ча эстеликтердин скиф-сибирь «айбанат стили» деп аталган тобуна кирет. Алардагы формалардын жалпыланышы, деталдардын кылдат толукталышы, тартылган сүрөттөр айлана-чойрону айкын аңдап сезгендик, айбанаттардын мүнөздүү белгилерин бере билгендик м-н айкашат. Усундардын Чүй суусунун өрөөнүндөгү ж-а Ысык-Көлдүн жээктериндеги көрүстөндөрүнөн табылган иск-во чыгармалары Кыргызстандын коңшу өлкөлөр м-н кенири байланышта болгонун далилдейт. Буга Ыраакы Чыгышты Жер Ортолук деңиздин өлкөлөрү м-н байланыштырып бир тармагы б. з. ч. 2-к-дан тартып Кыргызстандын аймагын кесип өткөн «жибек жолу» деп аталган кербен жолу шарт түзгөн.

Монголдордун үстөмдүгүнө чейин Кыргызстандын аймагындагы отурукташкан ж-а көчмөн калктын маданияты катарлаш өнүккөн. 5—10-к-да феодалдардын коптогон чептери м-н сепилдери курулуп, шаарлар өскөн. Бул шаарлардын дубал м-н курчалган шахристаны (шаардын борбору) ж-а чыңдалган рабады (шаардын чет-жакасында кол өнөрчүлүк жайгашкан элдүү пункттары) болгон (Кыргызстандын түштүгүндө Ош, Өзгөн, Чаткал суусунун өрөөнүндө Күлбөскан, Чанчаркан, Уу-Булак ш-лары). Кыргызстандын түндүгүндө согдулуктардын колониялары пайда боло баштаган. Чүй өрөөнүндөгү алгачкы орто кылымдагы шаарлар (Токмоктун түштүгүндө 8 *км* аралыктагы Ак-Бешим, Токмоктун батышындагы Кызыл-Суу ш-лары) мунаралуу дубалдар ж-а чоподон согулган (көп учурда кошумча түрдө үйүлүп жасалган) чеп алкагы м-н бекемделип курчалган шахристандары м-н айырмаланган. Курулуштар гүвалактан ж-а кыштан тургузулуп, чатырлары кыштан жаа түрүндө көтөрүлүп, же жыгач




1




2

3





4




5



6

Архитектура. 1. Шааратком. Арх. П. Иванов. 1957. 2. Граждандык согуштун каармандарына эстелик. Арх. И. Люблинский (1960-ж. кайра курулган). 3. Совет аянты. 4. Борбордук сквер. 5. Театр аянты. 6. Эмен багындагы фонтан.

Жаш Гвардия бульварындагы баатыр-комсомолдорго эстелик. Фрунзе. Скульптор В. Пузыревский, арх. А. Коржемпо. 1963.



1



2



3



4 5




Архитектура эстеликтери. 1. «Достук» монументи. Скульпторлор Т. Садыков, С. Бакашев, З. Хабибулин, арх. А. Нежурин, М. Сударенов, Г. Мулявин. 1974. **2.** «Эмгекке даңк» монументи. Скульптор Т. Садыков, арх. А. Нежурин. 1974. **3.** Токтогулдун эстелиги. Скульптор Г. Айтиев, арх. А. Исаев. 1974. **4.** М. В. Фрунзенин эстелиги. Скульпторлор Г. Дубинский, А. Посяда, арх. Е. Вулых, В. Хавин, А. Исаев. 1969. **5.** Генерал И. В. Панфиловдун эстелиги. Скульптор О. Мануйлова, арх. В. Верюжский. 1942.






Н. М. Пржевальскийдин эстелиги. И. Н. Шредердин долбоору б-ча. Инж. Борисоглебский. 1894. Пржевальск ш-на жакын.
Н. М. Пржевальскийдин музейи. А. М. Шпрунгдун долбоору б-ча. 20-к-дын 50-жылдары. Пржевальск ш-на жакын.




Озгон архитектуралык комплекси. 11—12-к. 1. Мунара. 2. Түш. мавзолей дубалынан фрагмент.

м-н үстү жалпак жабылган. Тянь-Шандан мунаралуу пакса дубал (бийиктиги 12 *м*ге чейин) м-н курчалган тик бурчтуу кеңири аянттар түрк хандарынын ордолорунун калдыктары табылган. Аларда согуш учурунда хандар адамдары, боз үй, малы м-н коргонгон. Кыргызстандын бул мезгилдеги архитектурасы шаар куруу өнөрү сыяктуу эле негизинен куруу чеберчилигинин о. азиялык түрүнүн нугунда өнүккөн. Кызыл-Суу шаар урандысынан 4—5-к-га таандык согулук сепил, Ак-Бешим шаар урандысынан 6—7-к-га тиешелүү сепилдин калдыктары (гүвалак негизге тургузулган, урандылардын арасында фигуралуу бышкан кыштар), анын шахристанынын чыгышынан 8-к-га таандык узун короолуу христиан чиркөөсүнүн (крест сымал курулган оймо-чиймелүү интерьер гүвалак дубал м-н курчалган) урандылары табылган. Шаардын сыртында жайгашкан буддалык 2 храм да өтө кызыктуу. Алардан сүрөт фрагменттери, скульптуралар, жасалга-колдонмо өнөрүнүн чыгармалары табылып, алардын бор-борлорунун пландалышы (айланып өтүүчү коридорлуу сыйынуучу жай) Афганистан м-н Чыгыш Түркстандын диний курулуштарына окшош. Кичи храм (6—7-к.) төрт чарчы планда (38,4 *м* × 38 *м*) болуп, айланып өтүүчү кош коридорлуу курулган. Бул коридор крест түрүндөгү сыйынуучу жайды түш., батыш ж-а чыгыш жактарынан курчап турат. Ал эми сыйынуучу жайдын ачык коюлган түн. жагында тик бурчтуу ички короо (24,3 *м* × 10 *м*), түн. тарабынын ортосунда эки пилон м-н фланкировкаланган негизги эшиги бар. Чоң храм (7-к-дын алгы — 8-к-дын башы) чыгыштан батышты карай өтө созулуп (76 *м* × 22 *м*), түзүлүшү айкын 3 бөлүктөн турат: вестибюлу, сыйынуучу ж-а күзөтчүлөргө арналган жайлары бар терең порталдуу кире бериши; айбандары бар, о. азиялык түрдөгү тик бурчтуу кең ички короо; сыйынуучу чакан жайдын (6,33 *м* × × 6,38 *м*) алдындагы 8 түркүктүү негизги залы бар, үч жагынан айланта кең коридор м-н (эни 3,3 *м*дей) курчалган чиркөөнүн өзү. О. Азиянын алгачкы орто кылымдагы сепил архитектурасына мүнөздүү болгон «бүктөлмөлүү» дубалдар м-н бекемделген кербен сарайлар (Манакелди суусунун жээгиндеги бурчтарына мунара тургузулган төрт чарчы Чалдывар кербен сарайы, 8- же 10-к.) курулган. Сүрөт өнөрүнүн Ак-Бешимдеги будда храмдарынан табылган чыгармалары: скульптура, чапталмалар, чиймелер, Будданын ж-а будда ыйыктарынын сүрөттөрү тартылган алтын жалатылган коло тоголор соцку гандхар эстеликтеринин тийгизген таасирин далилдеп турат; ал эми табылгалардын кээ бирлеринде Чыгыш Түркстан живописинин тектеш элементтери бар. Будда живописи м-н скульптурасынын фрагменттери, о. эле Будданын өтө чебер жасалган зор (12 *м*ден бийик) статуясы (чоподон куюлуп ж-а өтө кооз боёлгон) Кызыл-Суу шаар урандысынан табылган. Түрк урууларынын Тянь-Шандан ж-а Жети-Суудан табылган көрүстөндөрүнүн үстүнө коюлган көптөгөн бейит белгилер — адамдардын таштан жасалган солокотөрү (бийиктиги 1,5 *м*ге чейин) жалпысынан монголоиддердин бет түзүлүштөрү деп аныкталган. Отурукташкан калктын жасалга-колдонмо өнөрү карапа, негизинен ийленген чоподон жасалып, ангоб м-н капталып, ангобдун бетине сайма түшүрүлгөн (чапталган же бастырылган өрмөлөр, үч бурчтуктар, ийри-буйру сызыктар), чоподон айбанаттарга ж-а адамдарга сомолот жасалган идиш-аяктар (Фрунзе ш-нын батышындагы Сокулук шаар урандысынын табылгалары), өлгөндөрдүн сөөгү сакталуучу оймо-чиймелүү (кээсинде адамдын сүрөтү тартылган) оссуарийлер сакталып калган. Кылдат иштелген скульптуралар да кезигет: карапа идиштин тутказында буддалык гандхар стилиндеги пластикадан жасалган адамдын башы, калыпка түшүрүлгөн «падышанын башы» деп аталган сүрөт портрет жаратуу м-н ашыра кооздоонун айкалышкандыгынын күбөсү (экөө тең Сокулуктан табылган). Кочмөндөрдүн (түрк уруулары) көркөм чыгармачылыгы ат жабдыктарына салынган кандоо, тогоо, медальондордон байкалат. Алар чеберчилик м-н кооздолуп геометриялык же өсүмдүк түрүндөгү татаал оймо-чиймелер, кээде алардын арасына бугу, илбирс, тоо текелердин сүрөттөрү да түшүрүлгөн (Ак-Бешим, Сокулук, Кочкор өрөөнү ж. б. жерлерден табылган).

Кыргызстандын караханилердин мусулман мамлекети доорундагы архитектурасында ислам динине байланыштуу бүткүл о. азиялык зодчийлик үчүн жалпы мүнөздүү монумент диний имараттарды — мечит, мунара, күмбөздөрдү куруу ж-а алардын иштерин өнүктүрүү аракеттери байкалат. Кирпич кеңири колдонулуп, бул болсо имараттардын жарым шар ж-а алачык сымал чатырлуу конструкцияларынын өнүгүшүнө таасирин тийгизген. О. Азиянын архитектуралык мурасында пайдубалы 8 кырдуу ж-а өзү тегерек келип, улам бийиктеген сайын ичкерип олтурган, кирпич м-н атайын кооздолуп кыналган алкактары бар, кирпичтен тургузулган белгилүү 2 мунарасын: Бурана шаар урандысындагы Бурана мунарасынын (Ак-Бешимдин түштүгүндө, 11-кдын башы, ушул күнгө чейин сакталып калган, бийиктиги 21,5 *м*) ж-а Өзгөндөгү мунарасын (11-к., ушул күнгө чейин сакталып калган, бийиктиги 18,75 *м*, фонары 1923-ж. кошумча курулган) мааниси чоң. О. азиялык зодчийликтин 11—12-к-дагы мыкты үлгүлөрүнүн катарына Өзгөндө түрдүү мезгилдерде курулуп, бири бирине туташ салынган 3 күмбөз кирет. Андагы төрт чарчы залы ж-а башкы фасаддын көркөм жасалгасы портал там чамгарактуу мемориал имараттын идеясын көрсөтөт. Эң алгач курулган ортоңку күмбөз (11-к-дын башы, аянты 12 *м* × 12 *м*, ичи 8,5 *м* × 8,5 *м*, жасалгасы — кирпичтен кыналган ж-а кирпичке түшүрүлгөн оймо-чиймелер) көзгө анчейин урунбаган 2 — түш. ж-а батыш порталдан турат. Түн. (1152—53) ж-а түш. (1186—87) күмбөздөрдүн башкы фасаддары тик бурчтуу порталдардан — пештактардан туруп, алардын кире бериш айвандары колонналарга орнотулган айчык сымал аркалар м-н жасалгаланып, фасаддын тайпак бети пештак формасын кайталаган оймо-чийме ж-а жазуу тилкелеринин өтө так иштелип чыккан схемасы м-н кооздолуп, порталды курчаган жумуру колонналары бар. Күмбөздөрдүн (12-к.) кирпичтери оймо-чиймеленип, көркөм кыналып ж-а о. эле оюу түшүрүлгөн сары-кызыл чопо м-н кооздолгон; «ислими» аттуу өтө кооз өсүмдүк арабескасы «куфи» ж-а «наскх» жазуулары,



1. Манастын күмбөзүнүн фасадынан фрагмент. 14-к. 2. Чүй ороонундагы металл күмбөздүн бир көрүнүшү. 19-к.




өсүмдүктөрдүн, жылдыздардын каршы-терши оймочиймелери, чегилген сызыктардын татаал айкалыштары ж-а кирпичтен кыналган геометриялык оюулар — «гирихтер» ашкан кооздугу ж-а жасалгасынын чебердиги м-н көз жоосун алат. Чарчы планда кирпич м-н тургузулуп, там чамгарагы 8 кырдуу барабанга орнотулган Шах-Фазиль күмбөзү (Жалал-Абадга жакын Сафед-Баланд кыш.) болжол м-н 11—12-к-га таандык. Ал сырткы жасалгасынын жоктугу, ички жасалгасынын ото кооздугу м-н айырмаланат (оймолонуп чегилип, бозомук-сары ж-а көгүш түстө боёлгон, өсүмдүк сүрөттөрү, ар кандай жазуулар ж-а геометриялык чиймелери градо негизги орунду карапа буюмдар эзелеген: куюлуп ж-а жабыштырылып, оймо-чиймеленип, глазурь м-н чайкалбаган идиштер, бетине кочкул-күрөң же саргычжашыл сүрөттөр түшүрүлүп глазурланган (тасмалуу сокмо, розетка, жазуулар, айрым учурларда кыргоол, аюу, бака ж. б. жаныбарлардын сүрөттөрү) кооз идиштер жасалган.

Монголдордун жапырыгында (13-к-дын 1-чейреги) шаарлар бүлгүнгө учурап, курулуштар токтогон. Өлкөнүн негизги калкы көчмөндөр болуп, көчүүгө ыңгайлуу боз үйлөрдө жашашкан. 14-к-дагы монумент курулуштардан Манастын күмбөзү (Талас суусунун башында) сакталып калган. Кирпичтен тургузулган порталдуутам чамгарактуу бул күмбөздүн (1334) тобосу ичинен караганда жаа сымал там чамгарак түрүндө, сыртынан караганда одуракай чатыр түрүндө курулуп (1970-ж. калыбына келтирилген), куб сымал кырдуу барабанга орнотулган. Анын кире бериш портал-пештагы түрдүү фигурадагы алкактар м-н кооздолгон колонналарга курчалып, ото татаал оймо-чиймелер ж-а жазуулар чегип түшүрүлгөн бышкан чопо тактачалар м-н сырталган. Кыргызстандын түп.-чыгышындагы Кара-Коюн суусунун жээгинде, Ат-Башыдан 80 км аралыкта Жетижолунда жерг. башкаруучу Мухамед хан (1408—15) тургузган Таш-Рабат кербен сарайынын урандысы бар. Тик бурчтуу бөлмөлөр комплекси, коридорлору, там чамгарактуу залы бар (мечит болушу ыктымал) симметриялуу, чарчы пландагы бул имарат чоң-чоң таш тактадан ганч аралашмасынан (гипс м-н чопонун аралашмасы) курулуп, бул типтеги кадыресе курулуштардан айырмаланып, ички короосу жок. Башкы фасадда айчык сымал арканын эки капталында мунаралары бар. Сарай таш тактадан жонокой кыналып, терезесиз курулгандыктан, ал архитектуралык жактан жупуну көрүнөт.

Жупуну, көбүнчө кыштан порталдуутам чамгарактуу күмбөздөрдү куруу салты 18—19-к-да да сакталган. Кыргызстанды Кокон хандыгы басып алган 19-к-дын 20 — 30-жылдарында алар мында ири сепилдерди тургузушкан.


Кыргызстандын Россияга ыктыярдуу кошулушунан баштап шаар куруу оркүндөгөн; Пишпек, Каракол, Токмокту куруунун пландары долбоорлонгон. Пишпек ш-н пландаштыруунун негизинде бири-бири м-н тик бурчтуу кесилишкен көчөлөр курулуп, алар майда кварталдарга болүнүп, ар бир кварталдарга 4 же 6 чарбак орношкон. Бир кабаттуу турак үйлөр негизинен чоподон же кыштан курулган. 20-к-дын башында Кыргызстанда саман аралаштырылган чопо же кыштан курулган үйлөрдөн турган 6 шаар ж-а бир нече жумушчу посёлкалары болгон. Калктын басымдуу бөлүгү оздорунун көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушун уланта беришкен.

Советтик мезгил. Кыргызстандын архитектура ж-а шаар курулушу б-ча ото кыска мөөнөттүн ичинде боз үйдөн, чопо-саман үйлөрдөн азыркы мезгилдин абат үйлөрүнө, коомдук ж-а о. ж. имараттарына чейинки, бытыранды айыл-кыштактардан мыкты пландаштырылган, абатталган шаарларга, посёлкаларга, кыштактарга чейинки жолду басып өттү. Кыргыз элинин тарыхында биринчи болуп көптөгөн мектеп, бала бакча ж-а ясли, клуб, театр ж-а кинотеатр, илимий мекеме, окуу жайларынын, ишканалардын имараттары курула баштаган.




Фрунзедеги темир жол вокзалы. Арх. А. Лимарь. 1938.

20-жылдарда Кара-Суу станциясындагы пахта тазалоочу завод, Оштогу нооту ж-а жибек жип түрүүчү фабрикалар, Фрунзедеги булгаары ж-а кирпич заводдору, Рыбачье м-н Пржевальскидеги тактай тилүү заводдору ж. б. курулуп, иштей баштаган. Фрунзедеги Кыргыз ССР ЭКСтин имараты (азыр Кыргыз ССР мамл. тарых музейи; 1928, инженери А. П. Зенков) — респ-кадагы коомдук эң биринчи ири имарат. Анын архитектурасынан жерг. колоритти сактоо аракети айкын көрүнүп турат (кадимки формадагы там чамгарагы, айчык учтуу терезелери, жасалга элементтери). 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында Фрунзеде Кыргызстан педагогика ин-тунун (1932), муз. мектептин (1939) имараттары, Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-ларында коомдук имараттар курулган. Курулуштун анча өнүкпөгөн техникасы ж-а курулуш материалдарынын аздыгы, бир жагынан, имараттардын формалары м-н конструкцияларын ыксыз татаалдаштыруурга, экинчи жагынан, стилдештирүүгө алып келген. 20-жылдардын 2-жарымы — 30-жылдардын башындагы бир катар имараттар конструктивизм духунда курулуп, алардын айрымдарында улуттук мурас сын көз м-н каран пайдаланылган эмес (мис., боз үй формасындагы тамдар ж. б.). Кыргызстандын имараттарынын архитектурасынын өнүгүшүнө архитектуралык образындагы монументтүүлүк м-н айырмаланган Кыргыз ССРинин Өкмөт үйү (1936, архитектору Ю. Б. Дубов) олуттуу таасир тийгизген. 30-жылдардын ортосунан Кыргызстандын архитектурасында колонна, портик, чоң аркалуу эшик-терезелер, классикалык зодчиликтин ж. б. элементтери мүнөздүү боло баштайт: Фрунзедеги медицина ин-ту (1939, архитектору Ф. П. Стеблин), Дзержинский бульвары м-н Токтогул көчөсүнүн кесилишиндеги турак үй (архитекторлору С. Х. Саакян, П. П. Иванов, А. М. Альбанский ж. б.). 30-жылдардын алгында архитектуралык жасалгада кыргыздын улуттук оймо-чиймелери: чегин сырдоо, саймалуу торчолор, чийме сүрөттөр ж. б.



Аэрофлоттун Фрунзедеги агентствосу (мурунку аэровокзал). Арх. Е. Писарской. 1956.

кеңири көлдөнүлө баштайт (Фрунзедеги И. В. Панфилов атн. парктагы жайкы театр, 1940, архитектору Г. А. Градов; дүлөй-дудуктардын мектеби, 1939, архитектору В. Г. Коновалов). 30-жылдары элдин жашырт отурукташа башташы м-н айыл-кыштактарды, посёлкаларды ургаалдуу куруу кеңири жайылган. 1939-ж. Фрунзе ш-н реконструкциялоо планы бекитилген. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде 1942—43-ж. Чоң Чүй каналынын биринчи кезектеги курулушу аяктаган. 40-жылдардын аягы — 50-жылдардын башында Пржевальск (1947, архитекторлору М. Н. Муксинов, П. П. Иванов), Жалал-Абад (1946, архитектору П. П. Иванов), Токмок (1949, архитектору Е. Г. Писарской, инженери В. Я. Чичасова), Ош (1949, архитекторлору В. Е. Нусов, Л. Г. Куцемелов) ж. б. шаарлардын, Сары-Булак, Сүлүктү, Таш-Көмүр, Хайдаркен посёлкаларынын негизги пландары иштелип чыккан. Фрунзенин жаңы башкы планында (1948—58) шаар жайгашкан аймактын рельефин, суу м-н камсыз кылуу, табигый жел согуу шарттарын эске алуу м-н аймакты бир кыйла үнөмдүү ж-а рационалдуу пайдалануу каралып, турак-жай кварталдарын ирилештирүү, шаарды так зоналарга бөлүштүрүү, маданий-тиричилик мекемелери бар магистрал-аралык турак жай райондорун куруу жүргүзүлгөн. 50-жылдары Совет аянты ар кандай максаттар үчүн курулган түрдүү стилдеги имараттар м-н курчалып, алар бири бири м-н шайкеш пландаштырылган ото кооз жашыл тилкелер аркылуу байланыштырылган. 1947—54-ж. Фрунзенин түштүгүндө эл чарба жетишкендиктеринин респ-калык коргозмосунун комплекси (архитекторлору К. Р. Галиев, А. И. Пушкина, Е. Г. Писарской, П. П. Иванов) курулган.




Фрунзедеги «Сейил» ресторанынын жайкы залы.

50-жылдардын курулуштарында [Эл чарба советинин имараты, 1954—59, архитектору А. М. Альбанский; Кыргыз опера ж-а балет театры, 1954, архитектору А. И. Лабуренко, архитектор П. П. Иванов, инженер П. Н. Проваровдун катышуусу м-н; Радио үйү (азыр Кинематографисттер союзунун үйү), 1957, архитектору Е. Г. Писарской] кыргыз совет архитектурасынын жаңы стилдик изденүүсү, жасалгалоодо кыргыздын элдик оймочиймелерин кеңири пайдалануура болгон аракеттер чагылдырылган. Архитектурадагы эски классикалык формаларды ыксыз колдонуунун натыйжасында ашыкча кооздоого ж-а стилдештирүүчүлүккө да жол берилип кеткен. 50-жылдардын 2-жарымынан курулуштун индустриялык ыкмаларына өтүүгө байланыштуу турак үйлөрдүн ж-а маданий-турмуштук имараттардын үнөмдүү ж-а типтүү долбоорлорун түзүү б-ча зор иштер жүргүзүлгөн. 60-жылдардын башында Фрунзе м-н Ошто ири панелдүү үйлөрдү куруу заводдору ишке кирет. Бул жылдардын коомдук ири имараттарынын катарында Фрунзедеги Кыргыз ССР илимдер академиясынын имараттарынын комплекси (архитекторлору Ю. В. Билинский, А. Д. Бочаров), Н. Г. Чернышевский атн. респ-калык китепкана (1957—62, архитектору В. Е. Нусов), М. В. Фрунзенин музейи (1967, архитектору Ю. Карих,

Фрунзедеги 9 кабаттуу (105-сериялуу) турак үйү.






«Манас» аэропортуна кире беришь.

Г. Кутателадзе), Кыргыз ССРинин Өкмөт үйү (кошумча курулуштары 1964—65, архитектор Е. Писарскойдун долбоору б-ча; негизги болугу 50-жылдардын ортосунда архитектор Г. Х. Назарьян м-н Р. И. Семержиевдин долбоору б-ча курулган), Ош педагогика ин-тунун имараты (1954—62, В. Е. Нусов) бар. Фрунзедеги «Соцкол» кафеси (1961, архитекторлору Ю. М. Градов, А. И. Коржемпо), трикотаж фабрикасынын тигүү корпусу (1964, архитекторлору А. И. Коржемпо, Ю. Медведев, инженери А. Теслер), эксперименттик турак үй (1967, архитектору А. М. Альбанский, инженери Г. Савватеев) курама темир-бетон ж-а чоң айнек такталар м-н курулган. 60-жылдардын башында Фрунзенин, кийинчерээк Оштун ж. б. шаарлардын алгачкы микрорайондору курула баштайт. 1971-ж. «Сейил» ресторапы (архитекторлору А. Исаев, М. Умаралиев) пайдалануурга берилген.


1974-жылдан Кыргызстанда жаңы 105-сериядагы 5—9 кабаттуу ири панелдүү турак үйлөр курула баштаган (бул серияны долбоорлогондугу ж-а ишке киргизгендиги үчүн автордук коллектив: архитекторлор Е. Г. Писарской, В. Е. Седов, инженерлер А. И. Мозговой, А. Я. Тэвс, А. Ф. Афонин 1978-ж. Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан). 1975-ж. партиянын Фрунзе шааркомунун имараты (ага туташ Кыргызстан КП БКнын саясий-агартуу үйү бар, арх. Н. Голованёв, В. Шапошников, А. Жумакалиев) курулуп бүткөн. 1976-ж. Токтогул суу сактагычынын жээгинде Токтогул ш. т. посёлкасынын (арх. Б. К. Умамбеков, А. И. Куделя, К. М. Алыкулов, инженери С. С. Лопатин; 1980-ж. Кыргыз ССР Токтогул атн. сыйл.) курулушу аяктаган. 1979-ж. профессор Н. Н. Уластын жетекчилигинде Г. П. Кутателадзе, В. В. Лызенко, И. И. Лихтеров, К. И. Токочев ж. б-дын катышуусу м-н Москва архитектура ж-а «Фрунзе шаар долбоорлоо» ин-ттарынын коллективдери тарабынан Фрунзенин бор-



Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго арналган эстелик аянт; Ленин р-нундагы «Коммунизм» колхозунун борбордук чарбагында.


боруп толук пландаштыруу долбоору бүткөрүлгөн. 1980-ж. Кыргыз мамл. куруу-долбоорлоо ин-тунун долбоору б-ча Фрунзеден 30 *км* алыстыкта «Манас» аэровокзалы (архитекторлору В. И. Иванов, А. И. Куделя, А. Жумакалиев, инженери С. Лопатин) курулган.

Шаарлар (Фрунзенин жаңы башкы планы, 1971, архитекторлору В. И. Непароков, В. П. Шерстнев), совхоз ж-а колхоз посёлкалары үчүн (Чоң-Кемин, архитектору М. В. Климов) башкы пландар иштелип чыгууда. Ирригациялык зор курулуштар да (Орто-Токой суу сактагычы, узундугу 13—18 *км*, суу көлөмү 500 млн $м^3$, топурак, шагыл таш м-н боголгон тосмо, инженер В. А. Васильевдин долбоору б-ча 1961-ж. курулган) ишке ашып жатат. Айыл-кыштак курулушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп, ал турак жайларды, өндүрүш аймактарын, коомдук борборлорду туура жайгаштырууну караган башкы пландардын, айыл-кыштактарды коктондүрүү ж-а инженердик жабдуу б-ча иш-чаралардын негизинде жүргүзүлдү (мис., Талас р-нундагы «Каракол» к-зунун Конуро-Базар кыштагы). Кыргызстандын түн. райондору үчүн турак үйлөрдүн 1 кабат 1—2 квартиралуу, түш. райондору үчүн 1 кабат 2—6 бөлмөлүү 1 квартиралуу сериясы иштелип чыккан. О. эле 2 кабат көп квартира-




Ош кыргыз драма театры. Арх. Ф. Евсеев, М. Евсеева. 1975.

луу ж-а 2 кабат бир квартиралуу үйлөр курулууда. Айыл-кыштак курулушунда адатта жерг. курулуш материалдары пайдаланылса да, жаңы конструкцияларды колдонуу, өндүрүштүн индустриялык ыкмаларын киргизүү да көбөйүп баратат. Ири панелдүү 2 квартиралуу турак үйлөрдүн долбоорлору иштелип чыккан. 70-жылдары Кыргызстандын колхоз-совхоздорунда көптөгөн клуб, маданият үйлөрү, мектептер, бала бакча м-н ясли-лер, соода ж-а спорт имараттары, ооруканалар ж. б. курулган (1970, Сокулук р-нунун «Жаңы-Пахта» с-зундагы балдар комбинаты, спорт залы ж-а ашкана). 70-жылдардын коомдук имараттарынын архитектурасы өзүнүн учурга ылайык формаларынын ж-а конструкцияларынын айкындыгы м-н, жаңы курулуш материалдарын кеңири колдонуу м-н өзгөчөлөнөт. Долбоорлоо ж-а курулуш ишине архитекторлордун Фрунзе политехника ин-тунун архитектура факультети даярдаган улуттук кадрлар кеңири катышууда. 1974-ж. Кыргыз ССРинин 50 жылдык юбилейине карата Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейи (архитекторлор Д. Ырыскулов, А. Жекшенбаев, В. Л. Назаров, инженер А. Юсупов, Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы), Фрунзедеги В. И. Ленин атн. Спорт двореци (архитекторлору В. Костин, В. Маруков), Кыргыз ССРинин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн башкы павильону (архитекторлору В. Лызенко, А. Нежурин, инженерлери В. Даурцев, И. Петров, Л. Эрлихман), Ош кыргыз драма театры (мозаикалуу панно м-н кооздолгон; сүрөтчүлөрү Т. Т. Герцен, Ж. Молдохматов) ж. б. имараттар курулган. 1975-ж. Фрунзеде Баатырлар аллеясы (архитекторлору В. В. Курбатов, скульпторлору Т. Садыков, В. А. Шесто-




1




2



3




4



5



6




7

Ат жабдыктары: 1. Ээр токум. 2. Токум жасалгалары. 3. Жүгөн. 4. Куюшкан. 5. Үзөңгү. 6. Камчы. 7. Басмайыл.


нал, Г. А. Тупый, А. Мухутдинов, З. Хабибулин, Т. Досмагамбетов), Фрунзе ш-нда Токтогул Сатылгановдун эстелиги (скульптору Г. Айтиев, архитектору А. Исаев). 1976-ж. Фрунзеде 2 миң орундуу цирк (архитекторлору Л. Сегал, В. Шадрин ж-а айкаштыруу долбоорунун автору А. М. Нежурин 1978-ж. СССР Министрлер Советинин сыйлыгын алган), 1980-ж. Кыргыз мамл. филармониясынын имараты (архитектору А. Печёнкин) курулган. Көп кабаттуу турак үйлөр да курулуп жатат (архитекторлору В. Лызенко, А. Исаев, К. И. Токочев, Ю. Ы. Сычков, К. Сарбанов, Е. Г. Писарской ж. б.).

Жасалга-колдонмө өнөрү. Көп кылымдык көркөм чыгармачылык көчмөн тиричиликтин, өндүрүч күчтөрдүн начар өнүгүшүнүн шарттарында пайда болгон. Эл негизги кесиби — малчылык ж-а дыйканчылык м-н катар үй өндүрүшүнүн ж-а кол өнөрчүлүгүнүн шарттарында өз чарбасынан (жүн, булгаары, тери) ж-а сырттан (темир, күмүш) алынган айрым сырьёлорду колдонуу м-н турмушка зарыл материалдык байлыктарды жаратып келген. Материяны кооздуктун закондоруна ылайык калыпка салуу тажрыйбанын гана натыйжасында иштелип чыккан. Көркөм чыгармачылык укумдан тукумга өтүү м-н өнүгүп олтурган. Чеберчилик м-н салт улам кийинки муунга мурасталып, элдин тарыхы м-н көшө өнүккөн. Кыргыз көлдөнмө өнөрүнө өзүнө таандык өзгөчөлүк, таланттуулук, укмуштуудай көп түрдүүлүк мүнөздүү. Анын эң баалуу сапаты — буюмдун практикалык функциясы м-н көркөм жасалгасынын айкалышы ж-а жалпы элдик массалык мүнөздө болушу. Кыргыз эли көчмөн турмушка тыгыз байланышкан боз үйдүн, ат жабдыгынын кайталангыс өзгөчө жасалгасын жаратқан. 19-к-да кыргыз жасалга-колдонмө өнөрү жогорку деңгээлге жеткен. Түс (оң) м-н өймө-чийме жасалгалоонун негизги каражаты болуп кала берген. Анда элдин рухий дүйнөсү ж-а таланты чагылдырылган. Эл түс маданиятынын эстетикалык нормаларын иштеп чыгып, аның өймө-чийме м-н айкалышынын эрежелерин калыптандырган. Өзүнүн жөнөкөйлүгү ж-а таасирдүүлүгү б-ча эң сонун шайкештик пайда болгон. Кыргыз элинин кездемелеринин, түктүү килемдеринин, саймаларынын, чырмалган чийлеринин ж-а шырдактарынын колоритн шандуу ыргакты түзүп, өтө мыкты ачык түстөрдөн түзүлүп, кызыл түс басымдуулук кылган. Алгач өсүмдүктөрдөн жасалган боёктор колдонулган болсо, кийин алар химиялык боёктор м-н алмашылып, түс гаммасы кыйла байыганы м-н боёо-


1


2


3


4

Үй буюмдары: 1. Мүйүз чакча. 2. Туткуч ж-а чай туткуч. 3. Чыны кап. 4. Алк кап.

нун сапатын төмөндөттү. Оймо-чиймелер — элдин демилгеси м-н фантазиясын көрсөткөн эң сонун көркөм мурас, жасалганын өзгөчө тармагы. Алар өтө көп түрдүү, колдонмо өнөрүнүн ар бир түрүнүн өзүнчө кооздугу бар. Оймо-чиймелердин жаралуусу ар кайсы мезгилдерге, айрым формалары алгачкы коло дооруна таандык. Зор аймактагы (Орто ж-а Борб. Азия, Казакстан, Волга бою, Кавказ) элдердин маданиятына оймо-чийменин жалпылыгы мүнөздүү. Андан кийин да ушул аталган элдердин, о. эле башка региондогу элдердин этностук ж-а маданий байланыштарынын, катнаштарынын натыйжасында искусство тынымсыз байый берген.

Элдик оймо-чиймелердин аттары ж-а мотивдери да ондоп саналат. Алардын көпчүлүгү байыркы оймо-чиймелерден туруп, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсү, көчмөн тиричиликти чагылдырат. Бир кыйла туруктуу оймо-чиймелер колдонмо өнөрүнүн азыркы түрлөрүндө да кездешет. Алардын негизгилери ар түрдүү варианттарда түшүрүлүүчү кочкор мүйүз; кочкорок; сыцар мүйүз, кош мүйүз, кайкалак; коз жоосун алган кыял оюусу, үч бурчтук, ромб мотивдери; карга тырмак, ит куйрук; тогуз добо ж. б. оймо-чиймелер кеңири таралган. Оймо-чиймелердин кээ бир эскилери жоюлуп, азыркы сов. чындыкты чагылдырган жаңылары пайда болууда.

Кыргыздардын чыгармачылыгында жүндөн жасалган көркөм буюмдар да негизги орунду ээлеген. Кийиз көчмөн адамдын тиричилигинде эзелтен эле анын турак жайы м-н төшөнчү-орунун, кийим-кечеги м-н ат жабдыктарынын, эмерегинин составдык бөлүгү болуп келген. Шырдак м-н ала кийиз — кыргыз элинин кийизден буюм жасоодогу зор чеберчилигинин далили. Аларда кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүнүн негизги көркөм принциптери орун алган. Бул принциптер түстөрдүн карама-каршылуулугунан, фон м-н сайманы алмаштыруудан, аларды бирдей өлчөмдө шайкеш келтирүүгө болгон аракеттен даана көрүнөт. Оймо-чийме фон м-н тыгыз айкалышып, ажырагыс бир бүтүндүктү түзгөнсүп турат. Элдик чеберлер негизги көркөм принциптерди өнүктүрүү м-н катар өздөрүнүн жеке чыгармачылыгы аркылуу жаңылыктарды да киргизип, оймо-чиймө мазмундары м-н композицияларын байытып ж-а кеңейтүүдө. О. Азия элдеринин техникалык ж-а көркөм ыкмаларынын көп жалпылыктары болгондугуна карабастан, кыргыз элинин саймалуу буюлор м-н килемдеринде улуттук көркөм табити сакталып, өзүнүн стилдик белгилери иштелип чыккан. Кыргыздын кайталангыс оймо-чиймелер м-н кооздолуп, чырмалган чийлери да көркөмдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Саймачылык өнөрүнүн техникалык ыкмалары ж-а оймо-чийме мотивдери өтө ар түрдүү. Эл чыгармачылыгынын бул түрүнүн эволюциясын матага, булгаарыга, кийизге жүн жип м-н сайылган байыркы саймаларды кийинчерээк тукабага ж-а ноотуга түшүрүлгөн саймаларга салыштыруу м-н байкоого болот. Сайма өнөрүнүн улуттук сыймыгы туш кийиз болуп калды. Кийинки учурларда орус ж-а украин саймаларындагы көркөм кооздоонун көптөгөн жаңы ыкмалары кабыл алынган.


Кымыз коокорлор, чыны кантар ж. б. буюмдар өздөрүнүн кайталангыстыгы м-н айырмаланат. Наар түшүрүлгөн ат жабдыктары да өтө зор көркөм баалуулукка ээ. Элдик зергерлер байыркы техниканы 20-к-га чейин сактап келишкен. Алар түр салуу, металлга оюу түшүрүү, калыпка металл куюу, наар түшүрүү, асыл таштарды бүртүктөө, алтын-күмүш эмдарын кооздоп ийүү чеберчиликтерин өздөштүрүп, ат жабдык, кемер, булгаары ж-а жыгач буюмдарды алтын-күмүш тогоо ж-а купалар м-н кооздошкон. Жерг. зергерлердин күмүш билерик, шакек, сөйкө, чачпак ж. б. жасалгалары аялдардын кийимдерине көрк берип турат. Байыркы эң жөнөкөй токардык станоктордо кырмачылар табак, кесе ж. б. жыгач идиштерди кырып жасашкан. Алардын беттеринен кара жыгач, арча, терек, жапайы чиеңин текстурасынын (жыгачтын тилинген бетиндеги) табигый сүрөттөрү көрүнүп турган. Элдик жыгач усталардын боз үйдүн каалгаларына, жүк такта, сандык ж-а түрдүү кутуларга түшүргөн рельефтик ж-а контурдук кооз оймолор көз жоосун алат. Кыргыз элинин улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калган элдик өнөр элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн ж-а рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн, этностук байланыштарын чагылдырып келген тарыхый дарек катары абдан баалуу. Кыргызстанга келип кетишкен соц. реализмдик жанрдык, тиричиликтик, этнографиялык сүрөттөрдүн, картиналардын сериялары жаратkан В. В. Верещагин, Б. В. Смирнов ж. б-дын ишмердиги кыргыз иск-восуна болгон кызыгууларды туудурун, Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин гана өнүгө баштаган кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн калыптанышына аздыр-көптүр негиз түзгөн.

Сүрөт өнөрү. Кыргыз совет сүрөт өнөрүнүн калыптанышына орус сүрөтчүлөрү — 1921-жылдан Кыргызстанда иштеген В. В. Образцов, Кыргызстанда төролуп, бүт чыгармачылыгы аны м-н байланышкан С. А. Чуйков өтө зор роль ойношкон. В. В. Образцовдун демилгеси м-н 20-жылдары сүрөт ийримдери, сүрөт өнөрканасы, сүрөт өнөрүнүн студиясы (Фрунзедеги Кыргыз педагогика техникумунун алдында) түзүлүп, анда 1928-жылдан баштап жыл сайын студияга катышуучулардын отчёттук көргөзмөлөрү өткөрүлүп турган. 1930-ж. Кыргызстандын рев-лчыл сүрөтчүлөрүнүн бирикмеси уюшулган. В. В. Образцов («Сооронбаевдин портрети», 1928; «Радио угуп жатышат», 1930; «Которулуштон кийин», 1931; «Кыз», 1932; «Глобустун жанында», 1934; «Автопортрет», 1934) м-н С. А. Чуйковдун («Откондун көрүнүштөрүнөн», 1931; «Социалистик келишимди түзүү», 1933; баары Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейине коюлган) чыгармалары Сов. Кыргызстандын профессионалдык чыгармачылыгынын алгачкы жемиштери болуу м-н кыргыз живописиндеги тематикалык картина, портрет, пейзаж, тарыхый ж-а турмуштук жанрлардын өнүгүшүнө чыйыр салган. Өлкөдөгү соц. кайра куруулар, анын экономикасынын ж-а маданиятынын өсүшү Кыргызстандагы көркөм чыгармачылыктын өнүгүшүнө шарт түзгөн. 1933-ж. С. А. Чуйковдун демилгеси м-н Уюштуруу комитети түзүлүп, 1934-ж. Кыргыз ССР сүрөтчүлөр союзу негизделген. Союздун жерг. жаштарды сүрөт өнөрүнө тартуу б-ча иш-аракеттеринин натыйжасында респ-канын түрдүү райондорунда сүрөт студиялары ж-а ийримдери ачылган. Бул жылдары сүрөт өнөрүнүн көбүрөөк өнүккөн түрү живопись болгон. Респ-калык 1-сүрөт көргөзмөсүнө (1934) В. В. Образцов, С. А. Чуйков, А. И. Игнатьев, А. Т. Евдаков м-н бирге кыргыз сүрөтчүлөрү Г. Айтиев ж-а С. Акылбеков да катышып, кийин алар Москвадагы 1905-жылдын эстелиги окуу жайында Н. П. Крымов м-н П. И. Петровичевден таалим алышкан. 1935-ж. Фрунзеде Сүрөт галереясы (1944-жылдан Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейи — КМСӨМ) ж-а Сүрөтчүлөр союзунун карамагында сүрөт студиясы (1939-жылдан сүрөт окуу жайы) ачылган. Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгынын калыптанышы үчүн кыргыз элинин падышачылыкка каршы көтөрүлүшүнүн (1916) 20 жылдыгына арналган респ-калык 3-сүрөт көргөзмөсүнө (1936), Кыргыз иск-восунун Москвадагы он күндүгүнө (1939) ж-а Фрунзеде Токтогулдун юбилейине (1940) арналган сүрөт көргөзмөлөрүнө коюлуучу чыгармаларды даярдоонун зор мааниси болгон.


С. А. Чуйков өзүнүн чыгармачылык өнөрканасында.

30-жылдары Кыргызстандын сүрөт өнөрүндө соц. реализм методу калыптанган. Соц. кайра куруулар башкы темага айланып (Г. Айтиев, «Физкультурниктер», 1938; С. М. Акылбеков, «Колхоздо эгин бастыруу», 1936; Фрунзе, КМСӨМ), ал көп учурда жаңы турмуш м-н эски турмушту салыштыруу, (С. А. Чуйков, «Эскиден жаңыга», 1931; Г. Айтиев, «Байдагы батрак», 1936; КМСӨМ), тарыхый жанрга кайрылуу (С. А. Чуйков, «Колониялык өткөн замандан» картиналар цикли, 1934—36, КМСӨМ), айрыкча портрет жанрына кайрылуу аркылуу берилген. А. И. Игнатьевдин «Стахановчу Васильевдин портрети» (1938), Л. Ф. Деймантгын «Колхозчунун портрети» (1938), И. П. Гальчепконун «Жумабаевдин портрети» (1940) аттуу полотнолорунан адамга жаңыча мамиле жасоо, эмгек адамынын социалдык-психологиялык айкын образдарын түзүүгө умтулгандык байкалат. Ал жылдардын көркөм турмушунда башкы орунда турган живопистик этюддар кыргыз сүрөтчүлөрүнүн профессионалдык чеберчиликке жетишүүгө ж-а өз Ата Журтунун кайталангыс кооздугун ачып берүүгө жасаган аракеттеринен кабар берет. Кадыресе күндөлүк турмушту поэтикалуу берүү кыргыз жанрдык ж-а пейзаждык живописинин өзгөчөлүгү болуп калды. С. А. Чуйковдун «Талаадагы самолёт» (1937, Москвадагы Чыгыш элдеринин иск-во музейи), «Бактылуу эненик» (1938), «Мүнүшкөр» (1938), А. Т. Евдаковдун «Тоо суусу» (1936), С. М. Акылбековдун «Кыштак» (1937), Л. Ф. Деймантгын «Жалгыз аяк жол» (1938), Г. Айтиевдин «Боз үйлөр» (1940), А. И. Игнатьевдин полотнолору (КМСӨМ, Фрунзе) ж. б. картиналар ачык түстөргө болонүп, көтөрүңкү маанайда тартылган. Бул мезгилде Г. Айтиевдин чыгармаларында анын чыгармачылыгына мүнөздүү болгон патураны кабыл алуудагы тактык ж-а сергектик, эл турмушуна үңүлө кароо, түс гаммасындагы өздүк лиризм («Жолдогу кыз», 1937; «Ысык-Колдогу кайык», 1940; КМСӨМ), С. М. Акылбековдун пейзаждарына эпикалык жалпылаштыруурга,


С. А. Чуйков «Колхоздогу эгин оруп-жыюу мезгили». 1949.


Г. Айтиев өзүнүн чыгармачылык өнөрканасында.



Г. Айтиев. «Фронттон кат». 1943.

адам эмгеги ж-а турмушу м-н тыгыз байланышкан жаратылыштын образын түзүүгө умтулуу («Жазгы жумуштар» 1937; «Колхоз оттору», 1939; «Талаада», КМСӨМ) мүнөздүү. 30-жылдары монумент (вепгр сүрөтчүсү Б. Уитц) ж-а театр жасалга (Г. А. Петров, Я. З. Штоффер) живописинин өнүгүшү башталган.

Кыргыз графикасынын алгачкы чыгармалары 20-жылдардагы газета ж-а журналдардын иллюстрацияларын (В. В. Образцов, П. Голубев ж. б.) болгон. Кыргызстанда станковый графиканын пайда болушу 30-жылдардын аягында Фрунзеге сүрөтчүлөр Л. А. Ильина, А. Н. Михалёв, А. А. Сгибневдин келишине байланыштуу. Профессионалдык скульптура 1936-ж. Фрунзеге вепгр скульптору Л. Месарош келгенден кийин башталган. Ал чыгармачылык союздун алдындагы сүрөт студиясынын скульптура бөлүмүн жетектеген. 1939-жылдан Кыргызстанда скульптор О. И. Мануйлова иштей баштаган.


Улуу Ата Мек. согуш жылдарында союздан башка респ-калардагыдай эле Кыргызстанда да агитациялык графика — плакат, карикатура өнүккөн. Л. А. Ильина, А. Н. Михалёв, А. И. Игнатьев, И. П. Гальченко, А. Т. Евдаков ж. б. сүрөтчүлөр респ-канын акындары м-н бирдикте «Кыргыз ТАГдын терезесинин» плакаттарын чыгарышкан. Плакаттар үзгүлтүксүз чыгарылып, андагы графикалык иштердин сапаты сандан-санга жакшырып турган. Агитплакаттарды чыгарууга ошол учурда Кыргызстанда турушкан график Д. А. Шмаринов, сүрөтчү Н. М. Кочергин, скульптор А. А. Мануйлов,

Т. Садыков, Г. Айтиев, С. Т. Конёнков СССР сүрөтчүлөр союзунун көргөзмө залында. Москва. 1966.



москвалык ж-а ленинграддык ж. б. сүрөтчүлөр активдүү катышкан. 1942-ж. скульпторлор А. А. Мануйлов, О. М. Мануйлова Фрунзеде Сов. Союз. Баатыры И. В. Панфиловдун эстелигин — сов. монумент скульптураның согуш жылдарындагы биринчи чыгармасын түзүшкөн. Живописте согуштагы эрдиктерге ж-а ооруктагы эмгек турмушуна арналган тематикалык картиналар алдыңкы планга коюлган (С. М. Акылбеков, «Колхоз корукчусу», 1941—42; А. И. Игнатьев, «Майданга узатуу», 1942; Г. Айтиев, «Майдандан кат», 1943; И. П. Гальченко, «Чоң Чүй каналының курулушу», 1943; КМСӨМ). Фрунзеде чоң сүрөт көргөзмөлөрү уюштурулуп турган: «Улуу Ата Мекендик согуш», 1941; «Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн мыкты чыгармаларынын көргөзмөсү», 1942; «Колхоздук Кыргызстан», 1944.

40-жылдардын 2-жарымы — 50-жылдардын башында кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чөйрөсү кеңейип, чеберчиликтери арткан. Живописчилер кыргыз элинин өткөндөгү баатырдыгы, Улуу Ата Мек. согуш, замандаштын ишттиктүү эмгеги ж-а жогорку адеп-ахлак темаларына кайрылышкан. Адам м-н жаратылыштын ажырагыс биримдигин көрсөткөн пейзаж өзгөчө өнүккөн (С. А. Чуйков, «Эртең менен», 1947, Москва, Третьяков галереясы; «Кыргызстандын колхоз сюжеталары» картиналары,



С. М. Акылбеков. «Алыскы жайытта». 1958.

1938—48 ж. б.). С. А. Чуйковдун сюжеталарынын мыкты чыгармаларына образдардын поэтикалуулугу, иргактуулугу айрым учурларда символдук бийиктикке чейин жеткирилген эпикалык жалпыланғандыгы ж-а монументтүүлүгү мүнөздүү («Советтик Кыргызстандын кызы», 1948, Москва, Третьяков галереясы). Г. Айтиевдин композициясы так ж-а ачык-айкын пейзаж-картиналары бөтөнчө көркөмдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. («Чак түш», 1954, Москва, Третьяков галереясы), С. М. Акылбековдун («Шопоков атындагы колхоздун чет-жакасы», 1950, КМСӨМ) ж-а А. И. Игнатьевдин («Мал сугаруу», 1947, КМСӨМ) лирикалуу ж-а эмоциялуу пейзаждары тартылган. Сюжеттик-тематикалык картиналарга сүрөтчүлөр Л. Ф. Деймант («Токтогул сүргүндө», 1952—54, КМСӨМ), В. С. Тюрин («Чын жүрөктөн болгон ацгеме», 1956, КМСӨМ), Н. Д. Флекман («М. В. Фрунзе өлүмгө өкүм кылынгандардын камерасында», 1958, КМСӨМ) кайрылышкан. 50-жылдардын аягында Москва, Ленинград, Ташкен көркөм ин-ттарында билим алган кыргыздын жаш сүрөтчүлөрү А. Усубалиев, К. Керимбеков, Ж. Кожахматов, М. Өмүркулов, А. Молдахматов иштей башташкан.

40—50-жылдары учурдун маанилүү окуяларын чагылдыруу башкы милдети болгон графика өнүккөн. Л. А. Ильинанын станковый чыгармалары (жыгачка, линолеумга түшүрүлгөн гравюралары, офорттору ж. б.) ж-а иллюстрациялары маанисинин терендиги, психологиялык таасирдүүлүгү м-н айырмаланат. «Кыргыз аялы жөнүндө баян» түстүү линогравюралар сериясында сүрөтчү зор эмоциялык күч ж-а романтикалык маанай м-н эмгекчи кыргыз аялынын образын ачкан. А. А. Сгибневдин гравюралары, А. Н. Михалёвдун акварелдери ж-а түстүү автолитографиялары,




С. А. Чуйков. «Советтик Кыргызстандын кызы». 1948. Третьяков гал. Москва.



1



2



3




4



5

Кыргыз шырдагы.





Туш кийиздер.



1




2



3



4



5



6



7



8



9

Колдонмо өнөр. 1. «Көөкөр» күмүш сөйкө. 2. Сөйкө. 3. Күмүш билериктер ж-а шакек. 4. Ат жабдыктары. 5. Күмүш чегерилген кемер курлар. 6. Ээр, кемелдүрүк, куюшканы менен. 7—9. Аялдардын улуттук кийимдери жана кооздук буюмдары.



1



2



3



4



5



6



7



8




9

Колдонмо өнөр. 1. Кийиз чыны кап. Ээр, комуз, кыл кыяк сувенирлери. 2. Көөкөр. 3. Аяк кап. 4. Чий чыны кап, чөйчөк ж-а табак. 5. Белдемчи. 6. Уук тизгич. 7. Саймалуу сандык жапкыч. 8. Калпак. 9. Чийден чырмалган килемче.






Шырдак.
Ала кийиз.




1



3



2




4

«Кыял» элдик көркөм өнөрчүлөр бирикмесинде жасалган кыргыз белектери: 1. Көркөмдөп жасалган «Ысык-Көл» жез идиштери. 2. Кутучалар. 3. Улуттук стилде жасалган жыгач белектер. 4. Шахматтар.



Колдонмо өнөр. 1. Шырдак. 2. Сайма түшүрүлгөн баркыт баштык. 3. Чыгдан. 4. Күмүш төөнөгүч ж-а сайманын бир элементи. 5. Ала кийиз. 6. Кийизге түшүрүлгөн кездеме оймо. 7. Жабыкбаш.




СССР Министрлер Советине караштуу адабият, искусство ж-а архитектура жагынан Лениндик ж-а СССР мамл. сыйлыктары б-ча комитеттин пред-ли Г. М. Марков скульптор Т. Садыковго Лениндик сыйлык тапшыруруда. 1980.

Л. Г. Трусковскийдин автолитографиялары, И. А. Белевичтин аткаруу техникасы ж-а тематикасы б-ча ар түрдүү графикалык сүроттору, Р. Б. Нуделдин акварелдери учурдун башкы сезимдерине каныккан. М. Оморкулов м-н А. С. Осташев портреттик линогравюра, литография ж-а акварелдерди жаратышкан. Кыргызстанда полиграфиянын өнүгүшү м-н графиканын мааниси да жогорулап, бул тармакта Л. А. Ильина (М. Ауэзовдун «Абай» — 1950, Б. Кербабаевдин «Чечүүчү кадам» — романдарына иллюстрациялар, 1951), 50-жылдардын орто ченинен А. С. Осташев, В. Г. Рогачев, В. С. Гладков, Л. А. Шубин, А. А. Сгибнев ж. б. үзүрлүү эмгектене башташкан.

Кыргызстандын 40—50-жылдардагы скульптурасына Кыргыз ССР эл сүротчүсү (1954) О. М. Мануйлованын кошкон салымы ото зор. Анын оз замандаштарынын портреттеринин сериясы («СССР эл артисткасы С. Кийизбаеванын портрети», 1952; «Кыргыз жигитинин башы» портрети, 1955; КМСӨМ), монументтик рельефтери, Кыргыз опера ж-а балет театрынын фронтонунун скульптордук жасалгасы, о. эле Фрунзеде анын Тоголок Молдого (1963), космонавт В. Н. Комаровго (1969) жасаган эстеликтери ж. б. кеңири белгилүү. Жандрык ж-а портреттик скульптурада жаш скульптор Т. Садыков, монумент-жасалга скульптурасында В. А. Пузыревскийлер иштей башташкан. Театр сүротчүлөрү катары ар кайсы мезгилдерде И. П. Гальченко, Я. З. Штоффер, Г. А. Айтиев, И. А. Белевичтер эмгектенишкен; 40-жылдардын аягынан Кыргыз ССР эл сүротчүсү (1959) А. В. Арефьевдин, 60-жылдардан А. Молдахматовдун, А. М. Тороповдун, 60-жылдардын аягынан М. Сыдыкбаевдин иштери өзгочолоно баштайт.

Коомдук ири имараттардын курулушуна байланыштуу айрыкча монумент живописке көңүл бөлүнгөн (Кыргыз опера ж-а балет театрынын сүрөттөрү, декоративдик панноло ру, Г. Айтиевдин ж-а А. Н. Михалёвдун жетекчилиги м-н сүротчүлөр коллективи — С. М. Акылбеков, И. А. Белевич, В. Х. Вейс, А. И. Игнатьев, Л. А. Ильина, Ж. Кожахматов ж. б. жаратқан). 1959-жылдан В. И. Константинов, В. Г. Капустин, А. Ф. Ворониндер монумент иск-водо активдүү иштешин, бир катар имараттарды жасалгалашкан.

Кыргызстандын 60—70-жылдардагы живописинде образдын татаалдашуусу, түс гаммаларынын декоративдүүлүгүнүн жогорулашы, пластикалык жаңы таасирдүүлүккө умтулуу мүнөздүү. Пейзаж, портрет, тиричилик ж-а тематикалык картиналары м-н катар натюрморт, индустриялык пейзаж өнүккөн. О. эле бул мезгилде жемиштүү иштерин СССР эл сүротчүсү (1971) Г. Айтиев («Чүй ороонундагы күз», 1965; «Күүгүм», 1974), С. М. Акылбеков («Кыргызстандын түштүгүндө», 1963—64), СССР эл сүротчүсү (1963) С. А. Чуйков («Аалам менен чектешүү», 1973), Кыргыз ССР эл сүротчүсү (1966) А. И. Игнатьев («Нарын копуролору», 1971),






1. О. М. Мануйлова. «Эшек минген эки окуучу». Гипс. 1944. 2. Т. Садыков. «Кылымдар ташы» циклинен «Кылым ташы». Шамот. 1970.

Л. Ф. Деймант («Кечки маек», 1973, Фрунзе, КМСӨМ) улантышкан. Оз чыгармачылыгында А. Усубалиев («Автопортрет», 1970), Ж. Кожахметов («Пенсионер», 1974), С. Чокморов («Каралаевдин портрети», 1971), С. Ишенов («Кинооператор Нуртай», 1976, Фрунзе, КМСӨМ) портрет жаратууга олуттуу көңүл бурушкан. Бул жылдары С. Бакашев, А. Н. Каменский, Б. Жумабаев, А. Осмонов, М. Сыдыкбаевдин чыгармачылык чеберчиликтери бир кыйла жогорулагандыгы байкалат. Оз чыгармачылыктарында өткөн ж-а азыркы турмуштун маанилүү проблемаларына кайрылган живописчи бир топ жаштар өсүп чыккан (С. Айтиев, Ж. Жумабаев, А. Садыкова, М. Бекжанов, Н. Е. Евдокимов ж. б.).

Графиктер Кыргыз ССР эл сүротчүсү (1963) Л. А. Ильина («Дүйнө аялдары» линогравюралар сериясы, 1966; «Жол акыл», 1974 ж. б.), Кыргыз ССР эл сүротчүсү (1975) А. Н. Михалёв («Лениндин идеяларынын нуру» литографиялар сериясы, 1969), Е. Г. Кузовкин, А. С. Мисюрев, А. С. Осташев, М. Омуркулов («Менин Мекеним» акварелдер сериясы, 1969; КМСӨМ) көрүүчүлөрдү толкундантқан чыгармаларды жаратышкан. Л. А. Ильинанын Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестине (1971), А. С. Осташевдин Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестине (1963), Т. Т. Герцендин «Манас» эпосуна (1981) иллюстрациялары кыргыз китеп графикасынын жетишкендиктери болуп калды. Бул жылдары скульптура мурдагыга караганда алда канча ургаалдуу өнүгүп (О. М. Мануйлова, Г. А. Тупый, Г. Д. Бурлин,

О. М. Мануйлова өзүнүн чыгармачылык өнөрканасында. 1973.





Л. А. Ильина. «Тянь-Шандык делегат». 1960.



А. Тыналиев. «Сайкбай Каралаев — XX кылымдын Гомери» медалы. 1979.

В. А. Шестопал), бул тармакта атайын билими бар скульпторлор иштей баштаган (Т. Садыков, А. Мухутдинов). Жаш сүрөтчүлөр ар түрдүү материалдарды колдонуу м-н улуттук мүнөздөгү чыгармаларды жаратууга аракеттенишкен. Бул милдетти чечүүнү айрымдар (А. Мухутдинов, В. А. Шестопал, Д. В. Хеидзе) накта улуттук типажды издөөдөн көрүшсө, башкалары (Т. Садыков, З. Хабибулин) улуттук эстетикалык сезимге жооп берген классикалык формалардан издешкен.

70—80-жылдары монумент өнөрү бир кыйла өнүгүп өскөн. Респ-канын борборунда жаңы эстеликтер пайда болду: «Элдердин достугу» монументи (1973), Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү (1975) Т. Садыков, С. Бакашев, З. Хабибулин; «Революциянын каармандарына», «Манас — баатырдык эпос» скульптуралык ансамблдери (1978, 1981, скульптору Т. Садыков), Токтогулдун (1974, скульптору Г. Айтиев, архитектору А. Исаев), М. Горькийдин (1981, скульптору Ю. Чернов, архитектору Г. Исакович) ж-а Рыбачьеде П. П. Семёнов-Тянь-Шанскийдин (1982, скульптору В. Е. Горевой, архитектору Н. Я. Соколов) эстеликтери, Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейинин интерьери (А. Ф. Воронин), Кемин р-нундагы «Ильич» с-зунун Маданият үйүндөгү «Эс алуу» фрескасы (Т. Т. Герцен) өтө кызыктуу иштелген. Жасалга-колдонмо ж-а театр жасалгалоо өнөрү да өнүгүүдө. Кыргыз жасалга-колдонмо өнөрүнүн бай салттары өзүнүн кооз оймо-чиймелери м-н бирге азыркы килемдерде, саймаларда (кийим-кечедеги, турмуш тиричилик буюмдарындагы, сувенирлердеги), булгаары буюмдарында, китеп жасалгалоодо, архитектурада ж. б-да кеңири улантылып жатат. Элдик салттардын негизинде учурдун талабына жооп берген жаңы көркөм буюмдарды жаратууда Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү (1975) Ж. Үмөтов («Эс алуу» ала кийизи, 1971), сүрөтчү М. Абдуллаевдер («Алгачкылар» гобелени, 1977) эмгектенишүүдө.

Е. Г. Писарской, В. В. Курбатов, К. И. Антипина, В. Д. Бубайчиев

МУЗЫКА

Кыргыз эл музыкасы. Кыргыз эл музыкасы — элдин маданиятын, дүйнө көз карашын, турмуш тиричилигин, тарыхын, этикалык ж-а эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы заманлардан башталат. Кыргыз музыкасы ж-дегү алгачкы жазма маалыматтар бир катар адабияттарда кездешет. Б. з. ч. 630-ж. кытай саякатчысы Сюань-Цзянь азыркы кыргыз жеринде болуп, жерг. эл ж-до: мени тосуп алууга арналган той кулакка жагымдуу, жүрөк м-н көңүлдү эргиткен лирикалык күү м-н башталды деп белгилеген. Бирок ушул убакка чейин байыркы кыргыз музыка өнөрү тууралуу кабарлаган буюм, маданият эстеликтери табыла элек. Рев-яга чейин кыргыз элинин музыкалык фольклору кагаз бетине түшүрүлбөгондуктон, иск-воnун бул тармагын тарыхый мезгилдерге бөлүү (мис., орус фольклор таануу илиминдегидей) өтө кыйын. Кыргыз эл музыкасы түрк элдеринин, айрыкча казак, хакас, түркмөндөрдүн музыкасына жакын. Башка чыгыш элдеринин музыкасынан айырмасы (мис., өзбек эл музыкасынан) элдик ж-а элдик-профессионал иск-во болуп бөлүнбөгон. Жанрдык жагынан жалпыга жеткиликтүү, бир оңчой келип, стилистикасы б-ча коп катмардуу эмес.

Рев-яга чейин (мис., тажиктер сыяктуу) кыргыздарда өзүнчө музыка теориясы, улуттук музыкалык-поэтикалык өнөр ж-до илим, тажик элиникиндей музыкант-окумуштуулар болгон эмес. Негизинен чыгарма жекече аткарылып, коп үн м-н ырдоо ж-а күүнү ансамбль м-н аткаруу салтка айланбаган. Кыргыздарда айтышуу ыкмасындагы аткаруу кеңири тараган. Ыр бир үн м-н аткарылып, аспаптык музыкада комуздун үч ж-а кыл кыяктын эки кылынын жардамы м-н эки-үч добуштуу үндөштүк жаралган. Фольклор оозеки түрдө гана жашап, ал эми эл музыкаңы жаттап алуу жолу м-н бири бирinen үйрөнүшкөн. Өзөндуктан тигил же бул музыкалык чыгарманы аткарган адам аткаруучу гана эмес, өзөл күүнүн жаңы варианттын жаратуучу да болуп калган. Ыр-күүлөрдүн мындайча таралышы элдин музыкалык ач-сезимининн өзгөчө бир түрдө калыптанышын ж-а музыкалык речтин эркин импровизация ыкмасын шарттаган. Ал эми импровизациялуулук болсо музыкалык материалды берүүнүн мүнөзүн аныктаган. Ошентип, ал теманы өнүктүрүүнүн кайталоо-вариациялык тибн деген атка ээ болду.

Кыргыз эл музыкасы обону, ладдык ж-а метроритмдик касиеттери жагынан европа музыкасына жакын келип, мажордук ыңгайдагы ладдар өзгөчө кеңири тараган. Жети баскычтуу диатоникалык ладдардан микролидий, ионий ж-а эолий ладдары басымдуу, обондун

Кыргыз эл күүлөрүн жыйноочу А. В. Затаевич ооз комуз күүсүн жазып алууда. 1928.





Муратаалы Күрөнкоев м-н Молдобасан Мусулманкулов. 1948.

карым-катышы көбүнчө эң жөнөкөй; триоль ж-а синкопаларды камтыган үзүк ритмдеги үлгүлөр да бар (бирок булар өзбек фольклордук музыкасы сыяктуу остинаттуу ыргактык формулаларды пайда кылбайт). Кыргыз эл музыкасынын метрикасы коп түрдүү ж-а өзгөрүлмөлүү. Анда түркүн үлүштөгү тактылардын кезектешүүсүнө негизделген чыгармалар кездешкени м-н (жөнөкөй же татаал өлчөмдөр) ырлар м-н күүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү жөнөкөй, татаал ж-а аралаш өлчөмдөрдүн улам кезектешин келүүсүнөн түзүлгөн өзгөрмөлүү өлчөмгө ээ.

Кыргыз эл музыкасы шарттуу түрдө 2 негизги диалектилик-стилистикалык өзгөчөлүктөрго ээ: түн. (респ-кага караштуу райондор, Талас, Ысык-Көл, Нарын облтары) ж-а түш. (Ош обл.). Кыргызстандын түндүгүнө добуш интонацияларын кеңири колдонуу аспаптык музыкада жогорку профессионалдык ж-а көркөм ой жүгүртүү деңгээли мүнөздүү. Түш. эл музыкасына бир беткей ж-а жөнөкөй музыкалык каражаттар мүнөздүү келип, ырларда речтативдүүлүк басымдуулук кылат.

Кыргыз эл музыкасынын негизги жанрларына эпос, эмгек, үрп-адат (анын ичинде календардык, диний, үйлөнүү той ырлары, кошок), лирикалык ырлар, күүлөр кирет.

Ыр фольклору. Эл ырлары кыргыздын музыкалык чыгармачылыгынын басымдуу бөлүгүн түзөт. 19-кда орус ж-а чет элдик окумуштуу-саякатчылар, чыгыш иск-воsун изилдөөчүлөр (Ч. Валиханов, В. Радлов, Н. Пржевальский, Г. Алмаши, Н. Северцов, Ш. Капю ж. б.) кыргыз эли ыр чыгарууга ж-а ырдоого өтө жөндөмдүү экендигин белгилешкен. Алсак, Орус географиялык коомун негиздөөчүлөрдүн бири А. Левшин 1820-ж. О. Азияга жасаган саякатынан кийин кыргыздардын ыр маданияты ж-до мындай деген: «Ар кимиси көзго эмне чалдыкса, ошонун төгерегинде ой жүгүртүп ыр жаратат. Ар бири өзүнчө токмо ырчы». Кыргыз эпостору өзүнчө обон м-н аткарылат. Кыргыздын эң кеңири белгилүү эпосу «Манас» — обонду, сөздү ж-а актёрдук өнөрдүн каражаттарын камтыган синтездик чыгармачылыктын айкын үлгүсү. «Манас» музыкалык аспапсыз айтылат. Обону түрдүү речтативдүү интонациядан куралат. Эпостун тигил же бул фрагментинин мазмунуна жараша манасчы аткаруу темпин ж-а динамикасын, үндүн интонациясын ж-а басымын өзгөртүп турат. Обондун ыргагы текстгин муун түзүлүшү м-н тыгыз байланышта болуп, айрым учурларда ага көз каранды да болот. «Манас» эпосунун обонунда тез айтылуучу сүйлөмдөр так акценттелген баатырдык интонация м-н алмашып турат. Салт б-ча «Манас» бир нече күн бою аткарылган. Ал чоң жыйындарда айтылып, ири көркөм окуя катары кабыл алынган. Манасчылар көп учурда атайын чакырылып келген. Манасчынын аткаруучулугун бир актёрдун же мыкты ырчынын искусуна салыштырууга болот. Аларга массалуу аудитория чыгармачылык эргүү үчүн зарыл чөйрө ж-а каражат болуп эсептелет. Нооруз, Жайсаң ырчы, Келдибек Барыбоз уулу, Чоюке Өмүр уулу, Тыныбек Жапы уулу, Балык Кумар уулу, Сагымбай Орозбаков, Тоголок Молдо, Саякбай Каралаев, Молдобасан Мусулманкулов, Жаңыбай Кожеков ж. б. атактуу манасчылар эл арасында өзгөчө кадыр-барктуу болушкан. Совет доорунда пайда болгон музыка өнөрүнүн жаңы түрлөрү м-н катар манасчылар концерттерге катышат.

«Оп майда», «Бекбекей» ж. б. байыркы ырларда дыйкан м-н малчылардын эмгеги чагылдырылган. «Оп майданы» кырманда эгин бастырган учурда ат (жө- өгүз) айдоочулар ырдашкан. Ырда дыйкандын токчулук, мол түшүм ж-дегү тилеги берилген. Ал эми «Бекбекейди» аялдар түнүчүндө короо күзөткөндө ырдап, бир чети оздорун уйкудан алаксытса, бир чети короого жыртқычтардын кол салуусуна жол бербөөгө аракеттенишкен. «Оп майданын» обону речтативдүү келет, «Бекбекей» созуңку лирикалык обон м-н ырдалат. Малчылардын, мергенчилердин, аялдардын үй эмгеги ж-дегү ырларында элдин эмгек пиримдиги көркөм каражаттар м-н чагылдырылган.

Салт ырларынын ичинен үй-бүлө, тиричилик ырларынын тобуна кируучу кошок кеңири тараган. Киши өлгөндө же кызды күйөөго узатканда кошок кошулган. Маркумду жоктоп кошулган кошоктун киши өлгөндө ж-а өлүккө аш бергенде айтылуучу эки түрү бар. Үйлөнүү үлпөттөрүндөгү кошоктор кызды узатуу учурунда айтылып, үйлөнүү ырым-жырымына кирет. Кыргыз кошокторунун бир өзгочөлүгү — алардын мазмуну кайгылуу болгонуна карабастан мажор түрүндө айтылат. Ал кыргыздын каада-салт музыкасында кубанычтуу элес ж-а сезим м-н ар дайым эле ассоциацияланa бербейт. Кошокту негизинен аялдар кошот. Обону речитативдүү. Кээде эмоциялык жактан басыңкы, кээде экспрессивдүү. Кошоктун мазмунунун таасирдүүлүгү, анын обону ж-а поэтикалык сапаты кошокчунун талантына байланыштуу. Кошоктун формасы (мис., олгонго айтылган кошоктор) коп учурда обондун ж-а текстгин кайталоо-варианттык өнүгүшүнөн түзүлөт. Ал аялдардын жаңы үндөрү кезектешин ж-а эркин кошулушунан куралып, европа классикалык музыкасынын такт нормаларына ж-а ладдык муун-ыргактык куюлушуу теориясына баш ийбей спецификалуу элдик имитациялык полифонияны түзөт. Ырым-жырым ырларынын дагы бир түрү — мусулман ай календарынын 9-айы — рамазанда ырдалчу «Жарамазан» ыры. «Жарамазанды» түнкүсүн айыл кыдырып айтышкан. Алар үй ээсине молчулук, чың деп соолук ж-а бакыт тилеп, анын жакшы сапаттарын мактап, белек алышкан. Обону кайталанып туруучу речитативдүү фразалардан турган. Фразалардын созулушу ыр текстине жараша болот. «Жарамазанда» ар бир үн өзүнчө муун м-н аткарылат.

Жылкычылардын кезектешин же жанырт ырдалуучу «Шырылданы» салт ырларына кирет. Жылкычылар «Шырылданда» оор турмушун, муктаждыктарын ырга кошушкан. Ырдын обону ж-а ыргагы туруктуу келип, жөнөкөй ыргактык ж-а интонациялык формулалардын айкалышынан түзүлөт.

Лирикалык ж-а турмуш тиричилик ырларын балдар, бешик, жаштар, сүйүү ырлары, оюн, сатиралык-азил ж-а жаратылыш ж-дегү кайрыктар түзөт. Сүйүү лирикасынын түрлөрү — секетбай м-н күйгөн ырлары кеңири тараган. Алардын сөзү гана айырмаланып, обону коп учурда окшош. Муңайым, кылкеч маанайдагы арман ырлары да лирикалык кайрыктар тобуна кирет. Муңдуу интонациядагы армандардын обону лирикалык ырлардын башка жанрларыныкына жакын. Жаштар



Кыргыз эл акындары Осмонкул Болобалаев м-н Алымкул Үсөнбаев концерт учурунда. 1958.

арасында элдик оюн-зоок ырлары кеңири таралган. Той-тамашаларда ырдалчу «Селкинчек» өзгөчө белгилүү. «Селкинчектин» обону шаңдуу, ыргагы так ж-а бийге ылайык, суроо-жооп маанисиндеги тезден, кайра жайлап туруучу интонациялык кайруулардан турат.

Төкмө акындардын чыгармачылыгы кыргыз элинин вокалдык музыкасынын өзгөчө катмарын түзөт. Чебер төкмө өзүнүн профессионал вокалдык ж-а поэтикалык бай таланты м-н өзгөчөлонгон. 19—20-к-дагы көрүнүктүү акын ж-а ырчылар, кыргыз оозеки музыкалык салттарынын чеберлери: Жеңижок, Эсенаман, Сары ырчы, Т. Сатылганов, Ы. Шайбеков, А. Чоробаев, К. Акыев, О. Болобалаев, А. Үсөнбаев, Ы. Борончиев, Т. Шабданбаев ж. б. Рев-яга чейин прогрессчил акындар (Токтогул, Тоголок Молдо, Эшмамбет, Барпы Алыкулов) да, феодализм идеяларын тараткан акындар да болгон (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч). Төкмө акын манасчыдан айырмаланып, ырды комуздун коштоосунда аткарат. Ар бир акындын өзүнө жакын жанрлары ж-а формалары бар: айтыш, алым сабак, терме, насыят, мактоо ж. б. Төкмодо музыкалык-поэтикалык ойдун эркин өнүгүшү, интонациялык-ыргактык эркиндик, аткаруунун речитативдик ыкмасы мүнөздүү. Комуз көп учурда акындын үнүн кайталап, куплетти баштоодо, аяктоодо ж-а араларында обонду кайрып турат.

Совет доорунда салттуу кыргыз музыкалык фольклору ургаалдуу өнүктү. Коомдогу социалдык-маданий кайра куруулар м-н бирге ырлардын мазмуну, идеясы, формасы ж-а элдик музыка каражаттары өзгөрдү, жаңы түрлөрү пайда болду; ырлардын трансформациялануу ж-а модификациялануу процесси үзгүлтүксүз жүрүп жатат. Ыр жанрлары жаңыча көз караштан түшүндүрүлүүдө. Чакан масштабдуу эпикалык чыгармалар жаралууда. Акын А. Токомбаевдин Улуу Ата Мекен согуштун баатырлары — 28 панфиловчу ж-дөгү эпикалык поэмасы өзгөчө кызыгуу туудурат. Поэма кыргыздын эпикалык чыгармаларына таандык салтта речитативдүү аткарылат. «Бекбекей» аттуу байыркы эмгек ырынын негизинде 30-жылдардагы коллективдештирүү мезгилинде жаңы турмуштун талабына ылайык так ыргактуу, марш түрүндөгү интонациялар м-н мүнөздөлгөн «Колхоз Бекбекейи» жаралды. Азыркы кошок — совет адамынын ички ж-а моралдык турпаты ж-дө баяндаган коомдук ж-а граждандык портрет катары кабылданат. Манасчы С. Орозбаковдун «Ленин өлгөндөгү ыр» мунун айкын далили. Бул жанр айыл-кыштактарда кеңири таралып, азыркы мезгилде да өз маанисин жогото элек.


Балдар ырларынын мазмуну жаңыланып, анда бактылуу жаш муундардын жаркын келечеги ырдалат. Орус совет эл ырларынын жаңы жанрларынан болгон саясий-патриоттук ж-а комсомол ырлары улам кеңири таралууда. Салттуу сүйүү ырлары андан ары өнүктү. Элдик лирикалык ырлардын граждандык, эмгек, колхоз лирикасы ж. б. түрлөрү пайда болду («Колхоз багы», «Досума»). Сов. төкмө акындар Ы. Борончиев, Т. Шабданбаев, Э. Турсуналиев, Т. Тыныбеков, Т. Абдиев, З. Үсөнбаев, А. Айталиевдин көрүнүктүү даталарга ж-а реси-канын турмушундагы коомдук-саясий окуяларга арнаган ырлары ж-а айтыштары элдин сүйүктүү чыгармаларынан болуп калды.

Эски салт жанрлар м-н формалардын айрымдары жаңы турмуш элесин, жаңы идеялык мазмунду чагылдырууга жарамсыз болуп чыкты. Ошондуктан айрым ыр жанрлары акырындык м-н жок болду.

Совет бийлигинин жылдарында кыргыздын салттуу аткаруучулук өнөрү дагы өнүгүп, жаңы мазмун алды. Токтогул баштаган бир катар эл ырчылары ж-а композитор-аткаруучулар совет бийлигин, жаңы турмушту даңктаган мыкты чыгармаларды жаратышкан. Ошол эле мезгилде А. Огомбаев, М. Баетов сыяктуу бир муундагы чеберлердин чыгармачылыгы да өнүгүп, 30-жылдары алар бүт элге таанылган. Аларга удаа Ж. Шералиев, А. Бердибаев, Б. Эгинчиев, А. Жантемиров, А. Темиров ж. б. чыккан. Ал эми кийинки муун лирикалык-патриоттук темада жазылган ырлары м-н жаштардын сүйүнчүгүнө ээ болгон обончу-композиторлор Р. Абдыкадыров, А. Атабаев, К. Темиров, А. Коробаев, С. Жумалиев, Ү. Сыдыков, М. Рыскулбеков, К. Тагаев, Э. Мааданбеков, Т. Казаков, Т. Эшбаев, Ж. Шамшиев, К. Эралиева, А. Керимбаев, Б. Тургунбаев ж. б. Ар бир жаңы муун өзүнөн мурдагы муундардын чыгармачылыгын улантуу м-н өз доорунун көркөм талаптарына ылайык чыгарма жаратып, улуттук ыр маданиятынын өнүгүшүнө жол ачат, өзүнчө салым кошот. Бул процессте элдик ырчы-аткаруучулардын да ролу чоң. Алардын элге кеңири белгилүү болгондору: М. Өмүрканова, А. Жумабаев, Ж. Чабалдаев, Э. Мукамбетов, К. Досмамбетова, Ш. Мукашева, Ж. Исакова, булардан кийинкилер — З. Шаакеева, Г. Момушева, Г. Мамашева, Э. Мойдунов, У. Полотов, Н. Табалдиева ж. б. Эски муундагы композитор-аткаруучулар ыр да кыраң, обон да чыгарышкан. Орто муун композитор-аткаруучулар өздөрүнүн ж-а профессионал акындардын ырларына обон чыгарышкан. Ал эми жаш композитор-обончулар ырды акындардын сөзүнө гана жазышат.

Аспаптык фольклор. Кыргыз элинин музыкалык аспаптары анчейин көп эмес. Элге кеңири таралган аспап — үч кылдуу чертме комуз. Сырткы көрүнүшү, тембрлик сапаттары ж-а чертүү ыкмалары б-ча комуз казактын домбрасына жакындайт. Совет бийлигинин жылдарында комуздун төрт жаңы түрү (комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-бас) жаралып, алар кыргыз эл аспаптар оркестринин негизги аспаптарынан болуп калды. Комузда (модернизацияланбаган) ладдык бөлүкчөлөрдүн жоктугу аткаруучуга бир топ кыйынчылык туудурат. Эки кылдуу тартма кыл кыяктын да 4 жаңы түрү кыргыз эл аспаптар оркестринде пайдаланылат. Элдик музыкалык практикада жыгачтан жасалган чоор, сурнай, керней, темир комуз ж-а жыгач ооз комуз, чоор пайдаланылат. Бул аспаптардын техникалык ж-а көркомдук мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондуктан кайрадан иштелип чыкпастан алгачкы калыбында колдонулууда.

Аспаптык фольклор вокалдык музыка м-н тыгыз байланышта. Музыканттардын репертуарларында музыка аспаптары м-н коштолуучу обондор бар. Таза аспаптык чыгармаларда да вокалдык обондун белгилери бар. Айрым күүлөр ырдын аты м-н аталат: «Бешик ыры», «Бекбекей», «Селкинчек», «Кошок күү» ж. б. Күүнүн тематикасы ырдын 7—8 муундуу фразасынан түзүлөт.




Кыргыз улуттук музыкалык аспаптары. 1. Комуз. 2. Керней. 3. Чоор. 4. Жыгач ооз комуз. 5. Темир комуз. 6. Добулбас. 7. Сурнай. 8. Кыл кыяк.

«Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама», «Толгоо», «Насыйкат», «Кербез», «Кайрык», «Кара озгой», «Такмаза» ж. б. салттуу элдик-классикалык күүлөр болуп эсептелет. Күүлөрдү жанры б-ча теориялык дифференциялоодо бул күүлөр комуз музыкасынын жанрдык ички тарамдалуусун аныктап, жалпы идеялык-тематикалык багыты, музыкалык ыкмасы ж-а оңдош кайрыктары б-ча бир топ чыгармаларды кучагына камтыйт. Аспаптык күүлөрдү мазмундук-мүнөздүү ж-а позициялык-аткаруучулук белгилери б-ча да классификациялоого мүмкүн: айтым күү (пародиялык-азил мүнөздө речитативдүү ыр м-н коштолот), эпикалык күү (эл эпосторунун негизинде чыгарылган), патриоттук күүлөр (Ата Мекенге болгон сезимди чагылдырат), арноо күүлөрү (белгилүү бир адамга арнап чыгарылган), лирикалык күү (сүйүү-лирикалык темада), обон күүлөр (элдик вокалдык обондордун аспаптык варианты), бий күүлөрү (элдик бийди коштоочу күү катары аткарылган); моюн күү — комуздун жогору, бел күү — ортоңку, аяк күү — төмөн жагынан чертилген. Бул пландагы чыгармалар жөнүндө музыка изилдөөчү В. С. Виноградов: «Программалуулук — кыргыз эл музыкасынын негизи» — деп белгилеген. Чынында эле кыргыз музыканттарынын репертуарларында белгилүү программалык сюжетке негизделген көп болүктүү «контрасттык-составдык» пьесалар кездешкен (мис., А. Затаевич жазып алган Ж. Богачиевдин «Байге» аттуу кыл кыяк күүсү).

Кыргыз аспаптык музыкасынын өркүндөп-өсүшү көптөгөн музыканттардын аткаруучулук чеберчилигинин өсүшү менен байланыштуу. Ар бир чоң аткаруучулук мектеп өзүнүн өзгөчө стилдик белгилери менен айырмаланат. Ошондуктан Ысык-Көл, Нарын, Ош, Талас, Фрунзе мектептерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Ысык-Көл мектебинин өкүлдөрү (Ж. Шералиев, А. Бердибаев, Б. Эгинчиев, А. Жантемиров, А. Темиров ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт. Нарын мектебинин өкүлдөрү (Ы. Шайбеков, Т. Сатылганов, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт. Нарын мектебинин өкүлдөрү (Ы. Шайбеков, Т. Сатылганов, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт. Нарын мектебинин өкүлдөрү (Ы. Шайбеков, Т. Сатылганов, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт. Нарын мектебинин өкүлдөрү (Ы. Шайбеков, Т. Сатылганов, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт. Нарын мектебинин өкүлдөрү (Ы. Шайбеков, Т. Сатылганов, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев ж. б.) комуздун ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланышат, ритмикалык-интонациялык ыкмаларды, ошондой эле комуздун ар кандай регистрлеринде ойноо ыкмаларын өркүндөтүшөт.

Төкмө акындар: К. Акыев, А. Үсөнбаев, О. Болобалаев, Э. Турсуналиев, Т. Тыныбеков, комузчулар К. Орозов, Ы. Туманов ж-а манасчы М. Мусулманкулов. 1951.



Ошентип, кыргыз эл музыкасынын өнүгүшү ар кандай жанрлардын, стилдик белгилердин, аткаруучулук мектептердин өз ара таасирлешүүсү аркылуу жүрүп жатат. Ошондуктан кыргыз эл музыкасынын өнүгүшүнүн келечеги ар кандай жанрлардын, стилдик белгилердин, аткаруучулук мектептердин өз ара таасирлешүүсүнө, ошондой эле кыргыз эл музыкасынын башка элдердин музыкасынын жетишкендиктерин өздөштүрүүсүнө байланыштуу. 19—20-к-дарда Музооке, Белек, Күрөңкөй, Тилек, Айдыраалы, Кудайберген, Муса Сейилканов, Майлыбай, Чыңгышбай, Токтогул, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Ш. Шеркулов ж. б. залкар комузчулар өлбөс-өчпөс күүлөрдү жаратышкан. «Миң кыял», «Тогуз кайрык», «Ибарат», «Насыйкат», «Маш ботой», «Чайкама», «Сынган бугу», «Жаш тилек», «Шаттык», «Кубаныч», «Паровоз», «Жүрөк толкуйт» ж. б. күүлөр улуттук аспаптык музыканын алтын казынасын түздү. Кыргыз эл аспаптар оркестринин ж-а симфониялык оркестрдин аткаруусунда бул күүлөр жаңыча шаң м-н жаңырды. Залкар комузчу-композиторлордун өнөрүн Б. Кулболдиев, М. Козубекова, Б. Мадазимов, С. Токтакунова ж. б. комузчулар ийгиликтүү улантышты. Кыл кыякчылар — Датка, Мырзаалы, Ж. Богачиев, М. Күрөңкөев, С. Бекмуратов; сурнайчылар — Каратуран, Т. Бучуков, Д. Куттубаев; темир комузчулар — Толгонай, Б. Осмоналиева, А. Байбатыров, Т. Тыныбеков; чоорчулар — Белек, М. Күрөңкөев, А. Каримов ж. б. музыка чеберлеринин ысымдары да белгилүү.

Совет бийлигинин мезгилинде комузчулар, кыл кыякчылар ж-а темир комузчулар ансамблдеринин уюшулушу — кыргыз элинин аспаптык музыкасынын чоң жетишкендиги болду. Кыргыз мамл. филармониясынын комузчулар (жетекчиси Ч. Исабаев) ж-а темир комузчулар ансамбли (1982-ж-га чейин жетекчиси Т. Тыныбеков болгон) мыкты коллективдер болуп эсептелет.

Окт. рев-ясынан кийинки мезгилде кыргыз эл музыкасы идеялык-көркомдук жактан алда канча өсүп-өнүктү. Эл музыканттары образдык-тематикалык багытта ж-а жаңы көркөм каражаттарды издөөдө өз мүмкүнчү-



Кыргыз эл аспаптар оркестрининн катышуучулары. Ортодо оркестрдин уюштуруучусу ж-а дирижёру П. Ф. Шубин. 1940.

лукторун бир топ кецейтти. Салттуу жанрлардын негизинде маанилуу коомдук окуяларга байланыштуу жаңы күүлөр жаралды. Мис., «Колхоз камбарканы» (К. Орозов), «Марш камбаркан» (А. Огомбаев), «Чабан камбарканы» (Б. Осмонов), «Женщи камбаркан» (Ч. Иманкулов), «Жаш кербез» (К. Орозов), «Ударниктердин ботою», «Пионер шыңгырамасы» ж. б. Музыкалык маданияттын улам жогорулашы, эл музыканттарынын чыгармаларын пропагандалоонун ж-а массанын эстетикалык маданиятынын жогорулашынын натыйжасында эмгекчилердин фольклордук чыгармачылыгы жылдан-жылга оркундоп-өсүүдө. Кыргыздын ыр-күүлөрү телекөрсөтүү ж-а радио аркылуу эл массасына тарап, эстрададан жаңырып, коп улуттуу совет элинин чыныгы байлыгына айланды. Бул сов. иск-вонун интернационалдык биримдигинин натыйжасы болуп эсептелет.

Советтик Кыргызстандын музыка өнөрү. Совет бийлиги кыргыздын музыка өнөрүнүн тарыхында жаңы барак ачты; классикалык профессионал чыгармачылыктын жаңы жанры м-н формалары пайда болду. Рев-ялдан кийин Кыргызстанда өздүк корком чыгармачылык ийримдери, театр ышкыбоздорунун коллективдери массалык түрдө пайда боло баштаган. Клубдардын, окуу жайларынын алдында, шаарларда, ири айыл-кыштактарда хор коллективдери, кылдуу ж-а үйлөмө аспаптар оркестрлери, аспаптык чакан ансамблдер уюшулуп, алардын репертуарына негизинен элдик ж-а рев-ялык ырлар, марштар ж-а элге кецири белгилүү опера обондору кирген. 1925-ж. Пишпекте ачылган педагогикалык техникумдун алдында корком чыгармачылыктын түрдүү ийримдери иштеген. Ийримдин катышуучуларынын арасындагы таланттуу жаштардан кийин аткаруучу ж-а композитор А. Малдыбаев, опера режиссёру А. Куттубаев, ырчы ж-а актёр А. Боталиев сыяктуу кыргыз иск-восунун көрүнүктүү инмерлери чыкты. 1926-ж. улуттук драмалык-музыкалык студия иштей баштап, ага ийримдин катышуучулары ж-а респ-канын булуңбурчтарынан жондомдүү улан-кыздар тартылды. Студияга педагог ж-а жетекчи катары иштөө үчүн башка шаарлардан чакырылган вокалист Н. Елепин, композитор Д. Ковалёв, хор дирижёру Д. Мацуцин зор уюштуруу иштерин жүргүзүшкон. Дирижёр ж-а композитор П. Ф. Шубин 1928-жылдан студиянын ишине чоң көмөк көрсөтүп, улуттук музыкалык маданияттын калыптанышына кыйла салым кошкон. Анын демилгеси м-н 1936-ж. Мамл. кыргыз эл аспаптар оркестри (1961-жылдан Карамолдо Орозов атн.) уюшулган. 1928-ж. Эл агартуу комиссариатынын чакыруусу б-ча Кыргызстанга музыка изилдоочу-фольклорчу А. Затаевич келип, 250дөн ашуун элдик обон-күүлөрдү жазып алып жарыялаган. Хор м-н (бир үндүү) ырдоонун ж-а эл аспаптарында ансамблге (унисондук) биригип чертүүнүн алгачкы тажрыйбалары жарала баштаган. Музыкалык чыгармаларды коллективдүү аткаруу кыргыз музыкалык маданиятынын өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ болгон, анткени бир үндүү жеке аткаруудан коп үндүү хордук аткарууга өтүү процесси элдин музыкалык турмушун демократташтырууга, профессионалдаштырууга багытталып, сов. Кыргызстандын музыка өнөрүнүн өсүү тенденциясына жооп берген. Студия катышуучуларынын аткаруусундагы драмалык пьесалар үчүн эл обондорун кайра иштеп чыгуу музыкалык чыгармачылыкты профессионалдаштыруунун алгачкы формаларынын бири болду. Мындай иштеп чыгуулар хордун ж-а чакан оркестрдин аткаруусунда К. Жантошевдин «Карачач», Р. Шүкүрбековдун «Жаналак Жатпасов» ж. б. пьесаларда колдонулган. Коп учурда спектакльден кийин студия катышуучулары концерт беришкен.

1930-ж. студия Мамл. театрга айланып, анын труппасын негизинен студиянын тарбиялануучулары ж-а өздүк корком чыгармачылык ийримдеринин жондомдүү катышуучулары түзгон. Ошол эле жылы Фрунзеде Музыкалык техникум ачылган. Театрга респ-канын ар кайсы райондорунан куудул ж-а ырчы Ш. Термечиков, кууручак оюнчусу ж-а темир комузчу А. Байбатыров, акындар О. Болөбалаев, К. Акыев, манасчылар С. Каралаев, М. Мусулманкулов, комузчу, кыякчылар К. Орозов, М. Күрөцкөев, Ы. Туманов, ырчылар А. Огомбаев, М. Баетов сыяктуу эл таланттары чакырылып келген.


1935-ж. кыргыз иск-восунун тарыхында алгачкылардан болуп белгилүү эл музыканттары М. Күрөцкөев, К. Орозов, М. Мусулманкуловго Кыргыз ССР эл артисти, А. Боталиевге — Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген ардак наам ыйгарылган. Ошол эле жылы кыргыздын жаш музыканттарынын бир тобу М. М. Ипполитов-Иванов атн. Москва музыкалык техникумуна окууга жиберилген. Алардын арасында респканын азыркы көрүнүктүү композиторлору А. Аманбаев, А. Түлоев, М. Абдраевдер болгон.

1936-ж. Кыргызстан мамл. театры Музыкалык драма театры болуп түзүлгөн; Кыргызстан мамл. филармониясы, анын алдында кыргыз эл аспаптар оркестри, хор капелласы, бий, комузчулар ж-а темир комузчулар ансамблдери түзүлгөн. Респ-ка б-ча музыкалык 1-олимпиада өткөрүлүп, анын жеңүүчүлөрү жаңы уюшулган филармониянын артисттери болуп калышты. Алардын арасында комузчулар Ы. Туманов, Ш. Шеркулов, Ж. Шералиев, М. Өмүрканова ж. б. бар эле. Айылдык жаш ырчы Сайра Кийизбаева (азыр СССР эл артисти) көпчүлүктүн көзүнө көрүнгөн. 30-жылдардан тартып улуттук музыка өнөрү улам барган сайын ийгиликтүү өнүгө баштайт. Мында Кыргызстанга иштегени келген орус музыканттарынын — композиторлор В. Власов, В. Фере, И. Коцык, режиссёр В. Васильев, дирижёр В. Целиковский, сүрөтчү Я. Штоффер, балетмейстер С. Холфин, хормейстерлер П. Меркулов, А. Воронцов, педагог-вокалисттер Т. Романова, З. Красновская ж. б-дын салымы чоң. 30-жылдардын биринчи жарымында жазылган А. Малдыбаевдин массалык аткарууга ылайык ырлары: ыр-марштары, ыр-гимндери, ыр-вальстары («Кызыл атчандар», «Биз бүгүн», «Забойщиктер», «Гүл турмуш», «Кызыл жоолукчан» ж. б.) улуттук ыр классикасынын казынасынан орун алды.

30-жылдардын 2-жарымында респ-канын көпчүлүк композиторлору элдик музыканын негизинде түрдүү жанрдагы (музыкалык драма, опера, симфония, увертюра, оркестр м-н фортепиано үчүн концерттер, эл аспаптар оркестри үчүн пьесалар, романстар, ыр, хор, марш ж. б.) чыгармаларды жаратышты.


1937-ж. музыкалык драма театрында В. Власов, В. Ференин «Алтын кыз» драмасы коюлган (либреттосу Ж. Боконбаевдики). Драма Кыргызстандагы коллективдештирүүгө арналган. Анда музыка, чакан ариялар, ырлар, хор ж-а бийлер бар. Алардын ичинен эң мыктылары — Жапардын ариясы, кызылдар отрядынын ыры, «Селкинчек» хору, башкы каарман Чынардын лирикалык ыры ж. б. Чыгарманы кайрадан иштелип чыккан ж-а оркестрлештирилген эл обондору коштойт. Бир жылдан кийин театр сахнасында В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин 1916-жылдагы көтөрүлүштүн азап-тозокторун чагылдырган «Ажал ордуна» музыкалык драмасы коюлган (либреттосу Ж. Турусбековдуку). Бул чыгармада кыргыз музыкасынын тарыхында алгачкы жолу коп үндүү хор ж-а кыйла өнүккөн симфониялык эпизоддор колдонулган. 1-сүрөттөгү эл хору, 3-сүрөттөгү «Ата Журт менен коштошуу» хору, «Эл улуу Ленинди даңктайт» аттуу корутунду хор, Зулайканын «Мени эмнеге саттыңар» аттуу кошогу, Искендердин «Не корбодуң кайран баш» аттуу ариясы драманын мыкты көрүнүштөрүнөн болуп саналат. Симфониялык увертюра, массалык таасирдүү көрүнүштөр, вокалдык ансамблдин, ариянын, бийдин колдонулушу «Ажал ордуна» драмасын опералык чыгармага жакындаткан. Бул эки драманын коюлушу респ-канын маданий турмушунда чоң окуяга айланып, улуттук музыкалык театр тарыхынын башаты болуп калды.


1939-жылдын 12-апрелинде «Айчүрөк» аттуу патриоттук, лирика-эпикалык опера коюлган (музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики, либреттосу Ж. Турусбеков, Ж. Боконбаев, К. Маликовдуку). Бул күн улуттук операның жаралган күнү болуп калды. «Айчүрөктөгү» хор, ансамбль, ария, речитативдер ж-а бий опера формаларынын, масштабдарынын деңгээлине жеткирилген. Операның музыкасы чыныгы симфониялык онүгүүгө ээ болгон. Симфониялык чоң увертюра, кецири массалык көрүнүштөр, каармандардын партиялары, аялдардын ж-а эркектердин хор м-н коштолуучу бийлери чыгарманын көркомдуулүгүн жогорулаткан. Композиторлор элдик обондорду иштеп чыгуу м-н бирге оригиналдуу музыкалык чыгармаларды да жаратқан. Сюжеттин кызыктуулугу, фольклордук материалды чеберчилик м-н кайрадан иштеп чыгуу, музыканын улуттук айкын колорити, гармониянын ж-а оркестрдин кооздугу «Айчүрөктү» кыргыз опера өнөрүнүн эң мыкты үлгүлөрүнүн катарына кошту. 1939-жылдын 26-майында СССР Чоң театрынын филиалында кыргыз иск-восунун он күндүгү ушул опера м-н ачылган. «Алтын кыз» ж-а «Ажал ордуна» музыкалык драмалары да көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынган. Он күндүккө ошондой эле дуңган вокалдык-аспаптык ансамбли ж-а Ош музыкалык драма театры катышкан. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 7-июлундагы Указы м-н Кыргыз мамл. музыкалык драма театры Ленин ордени, Кыргыз мамл. филармониясы Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. А. Малдыбаевге СССР эл



Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамлекеттик филармониясынын комузчулар ансамбли. 1980.

«Айчүрөк» операсынан көрүнүш. 1939.






Кыргыз искусствосунун Москвадагы он күндүгүнүн корутунду концертинин программасы. 1939.

гиялык шайкештиги балетке узак өмүр тартуулады. Балеттин хореографиясында байыркы элдик оюндар, үрп-адаттар, эмгек процессинин элементтери кеңири колдонулган. Авторлор «Кара коз», «Эркин тоо», «Лайликан» ж. б. элдик обондорду колдонушкан. «Комузчулардын бийи», «Кыздардын бийи», «Жигиттердин бийи» ж. б. бийлер композиторлордун чоң табылгаларынан болуп калды. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында, жалпы совет элиндей эле, реси-каның музыканттарының алдында немецтик баскынчыларды тезирээк талкалоого комок көрсөтүү милдети турду. Согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап композиторлор патриоттук нафостогу, душманга аёосуз сокку берүүгө үгүттогон чыгармаларды жаратышты. Андай чыгармалардын катарына А. Малдыбаевдин «Биз жеңебиз», «Буйрук бер» ж. б., А. Тулоевдин «Улуу марш», Ж. Шералиевдин «Майдандан кат» ж. б. ырларын кошууга болот. 1942-ж. В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Патриоттор» аттуу согуш темасына жазылган операсынын премьерасы болгон. 1943-ж. А. Малдыбаев, А. Тулоев, М. Абдраев, А. Аманбаевдин «Ким кантти?» аттуу алгачкы музыкалык комедиясы коюлган. Кыргыз элинин откон ж-а бүгүнкү турмушун чагылдырган В. Ференин 4 бөлүктөн турган «Кыргызстан» аттуу симфониясы согуш жылдарындагы ири муз. чыгармалардан болгон. Симфониянын дээрлик бүткүл тематикалык материалы эл обондоруна негизделген («Эсимдо», «Созулма», «Ураан», «Манас» ж. б.). А. Малдыбаевдин «Кыргыз пионерлеринин маршы», Ж. Шералиевдин «Жеңген эл», А. Аманбаевдин «Салтанаттуу ыр» ж. б. чыгармалар совет элинин фаш. Германияны жеңишине арналган. Согуш жылдарында Кыргызстандын профессионал музыка өнөрүнүн өркүндөшүнө композитор, музыканттар Н. Мясковский, Ю. Шапорин, Я. Зак, И. Рахлин, А. Свешников, В. Захаров, И. Казьминдин, о. эле Фрунзеге эвакуацияланып келген СССР мамл. симфониялык оркестри, Пятницкий атн. Мамл. орус хору, Одесса театры жана башка коллективдердин кошкон салымы чоң.

1942-ж. Фрунзеде ж-а 1944-ж. Ташкенде болуп өткөн О. Азия реси-каларынын музыкасынын он күндүктөрүндө элге тартууланган чыгармалардын көпчүлүгү согуш темасына, жоокерлердин эрдигине ж-а кайратына, совет элинин ооруктагы каарман эмгегине арналган. Согуштун алгачкы жылдарынан баштап эле артисттер м-н музыканттар аскер бөлүктөрүн, госпиталдарды, чакыруу пункттарын шефке алышкан. Кыргыз иск-во чеберлери майданга баруучу 7 концерттик бригада уюштурып, алар Калинин, Белорус, Ленинград, Украин фронтторуна тейлешкен.

1940—50-жылдардын аралыгында «Травиата», «Кармен», «Карганын маткеси» опералары, «Раймонда», «Бахчисарай фонтаны», «Ак куу колу», «Кызгалдак» ж. б. балеттер коюлган. Бул жылдары реси-каның чыгармачыл коллективдеринин катары дирижёр А. Жумакматов, композитор М. Абдраев, хормейстер С. Юсупов, сүрөтчү А. Арефьев, дирижёр Р. Мироновнч, композиторлор С. Ряузов, С. Германов ж. б. сыяктуу улуттук жаш кадрлар ж-а Россиядан келген жогорку квалификациялуу адистер м-н толукталды.



Кыргыз телекөрсөтүүсү м-н радиосунун симфониялык оркестри. Дирижёр — А. Жумакматов. 1977.


1950—60-жылдары композиторлордун чыгармачылыгы кеңири өнүктү. В. Власов, А. Малдыбаев, С. Германовдун «Айдар менен Айша», М. Абдраевдин «Жаш жүрөктөр», С. Ряузовдун «Ак шумкар», Л. Киппердин «Мурат» опералары, В. Власов м-н В. Ференин «Ала-Тоо жазы» балети коюлган. Идеялык-көркөмдүк мазмуну жагынан В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Токтогул» операсы (либреттосу Ж. Боконбаев, К. Маликовдуку) көрүнүктүү чыгармалардан болгон. Бул—ушул сюжетке жазылган операнын 3-варианты. «Токтогул» — демократ акындын дооруна таандык болгон эзүүчүлөр м-н элдин келишпес күрөшүн чагылдырган социалдык драмалык опера. Операнын музыкасы улуттук колоритке сугарылып, акындык жанрлар (мис., айтыш) ж-а Токтогулдун озунун ырлары кеңири пайдаланылган. М. Раухвергердин «Чолпон» жомок-балетинин (либрет-

Кыргызстандын артисттери концерттен кийин Советтик Армиянын жоокерлери менен. 1943.





артисти деген ардак наам берилген. 1940-ж. В. Власов м-н В. Ференин «Анар» аттуу туңгуч улуттук балетинин премьерасы болгон (либреттосу К. Эшмамбетовдуку). Бул чыгарма—бий м-н аткарылуучу лирикалык - драмалык поэма. Коңулго жагымдуу, кубулжуган музыкасы, драматур-





















Архитектура. 1. Өзгөндөгү күмбөздөр. 11—12-к. 2. Күмбөз. Чүй өрөөнү. 3. Мединституттун (эскиси) жалпы көрүнүшү. Арх. Ф. Стеблин. 1940. 4. Фрунзедеги автовокзал. Арх. П. В. Чахава. 1962. 5. Театр аянты. 6. Крупская атн. Орус драма театры. Арх. А. Альбанский, инж. С. Лопатин, В. Занкина. 1972. 7. Мединституттун жатаканасы. Арх. А. Гусев. 1974—75. 8. 8—9-микрорайондогу жаңы курулуштар. Фрунзе. 9. 5-микрорайон. Фрунзе. 10. Ленин проспектисиндеги чакан архитектуралык формалар. Арх. Р. Мухамадиев, А. Солтобаев, Ю. Тагиров, Б. Афиджанов. 1976. 11. Цирктин жанындагы декоративдик скульптура. Арх. С. Бакашев. 1977—78.



1


2



3


4


5


6



7


8

Архитектура. 1. Жаш гвардия бульварындагы Баатырлар аллеясы. Арх. В. Курбатов, скульпторлор: Т. Садыков, В. Шестопал, А. Мухитдинов, З. Хабибулин, Г. Тупый, Т. Досмагамбетов. 1975. 2. Тогуз кабат турак үйдөгү «Ысык-Көл» гастроному. Арх. А. Исаев. 1978. 3. Саясий-агартуу үйү. Арх. А. Жумакалиев, А. Головонёв. 1978. 4. «Дүр-дүйнө» магазини. Тогуз кабат турак үй. Арх. Е. Писарской, В. Мечковский, Ю. Смирнов, К. Токочев, С. Нургазиев. 1977. 5. Рыбачье ш-нан көрүнүш. 6. Чолпон-Ата ш-ндагы Ленин аянты. 7. Майлы-Сай ш-нын түштүгүндөгү микрорайон. 8. Токтогул ш. т. посёлкасынан көрүнүш.


1



2


3


4


5

Сүрөт өнөрү. 1. Л. А. Ильина. «Бакыт». 1966. 2. В. Г. Рогачёв. «Балалык». Ч. Айтматовдун повести боюнча. 1966. 3. Е. Г. Кузовкин. «Биринчи отряд». 1970. 4. А. С. Осташев. «Сабатсыздыкты жоюу». 1963. 5. Е. Г. Кузовкин. «Түнкү көрүнүш». 1980.


















Сүрөт өнөрү. 1. А. Мисюрев. К. Маркс ж-а Ф. Энгельстин «Коммунисттик партиянын манифести» китебине иллюстрация. 1975. 2. А. Михалёв. К. Кулиевдин «Аскадагы от» ыр жыйнагына иллюстрация. 1969. 3. А. Ахмедов. А. Бердибаевдин «Тандалган чыгармаларына» иллюстрация. 1976. 4. Т. Герцен. «Манас» китебине иллюстрация. 1980. 5. Т. Курманов. К. Жантөшевдин «Каныбек» романына иллюстрация. 1980. 6. У. Осмоев. Б. Сартөвдүн «Эридиана» повестине иллюстрация. 1980. 7. М. Бекжанов. «Өлкөнүн ишенимине сыймыктан!». Плакат. 1975. 8. У. Өмуров. «Гүлдөй бер, Кыргызстаным!». Плакат. 1980.




«Манас» операсынан көрүнүш. 1966.

тосу О. Сарбагышев, Л. Крамаревскийдики) жаңы редакциясы балет жанрынын көрүнүктүү окуяларынан болуп калды. Бул балет улуттук музыкалык-хореография өнөрүнүн өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Балет фольклорду, эл обондорун ж-а аснаттык күүлөрдү кайра иштеп чыгуунун негизинде жазылган. СССР эл артисти Бүбүсара Бейшеналиеванын катышуусу м-н (Айдайдын ролу) «Чолпон» балети Москва, Ленинград ш-ларында коюлуп, кыргыз музыкасы м-н хореографиясын бүткүл союзга белгилүү кылды.

Республикада симфониялык музыка андан ары өнүктү. В. Власовдун «Акыл Ленинди ырдайт», «Токтогул», А. Түлөевдин «Баатырдык поэма», А. Аманбаевдин «Бий сюитасы», С. Медетовдун «Майрамдык увертюра» симфониялык поэмалары, М. Раухвергердин «Ала-Тоо» симфониялык сүрөттөмөсү, Т. Эрматовдун № 1 поэмасы ж. б. чыгармалар жаралды. А. Түлөевдин «Баатырдык поэмасы» эрдик темасын симфонияда чагылдырса, В. Власовдун «Токтогул» симфониялык поэмасы орус ж-а кыргыз эл обондорунан түзүлгөн музыкалык композициянын үлгүсү болду. Кыргыз вокалдык-симфониялык музыкасы кыйла өнүктү. Эгер 1940-жылдардын ичинде саналуу гана кантата жазылган болсо (А. Түлөев, «Кыргызстан»; В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Бакыт»), 50-жылдары бул жанрда 15 чыгарма жаралды: В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Салам, Москва»; А. Аманбаев, «Партия жөнүндө ода»; М. Абдраев, «Партия — биздин бактыбыз»; А. Түлөев, «Ук, дүйнө!»; С. Медетов, В. Шебалин, «Партияга даңк»; Т. Эрматов, «Ленин жолу» ж. б. Алар негизинен патриоттук темага, достукка, тынчтыкка, Ленинге, Мекенге, бир туган реси-кабыгага арналган. Формасы б-ча кыргыз кантаталары бир, үч ж-а төрт бөлүмдөн турат. Т. Эрматовдун төрт бөлүмдүү «Ленин жолу» аттуу кантатасы өзүнүн жаркын таасирдүүлүгү м-н айырмаланат. Бул чыгарманы жазууда автор фольклорду пайдаланбай туруп эле, нагыз улуттук мүнөздөгү музыка жараткан. Кантатанын 1- ж-а 4-бөлүмдөрүндө кыргыз музыкасынан жаңы жанр болгон марштын айрым белгилери ж-а рев-ячыл пафос сезилет. Бул жылдары А. Малдыбаев («Мекеним — тынчтык тиреги», «Партбилет»), М. Абдраев («Республикам», «Ырдайлы, достор, ырдайлы!»), А. Түлөев («Партия», «Гүлдө аалам»), А. Аманбаев («Улуу Ленин», «Мекен жөнүндө ыр») ж.б-дын ырлары ж-а хорлору көцири белгилүү болгон. А. Түлөев, С. Медетов, В. Власов, С. Германовдун алгачкы аспаптык квартеттери, С. Медетовдун сонаталары ж-а рапсодиялары жаралган. 1958-ж. Москвада болуп өткөн кыргыз адабияты м-н иск-восунун он күндүгү кыргыз улуттук музыкасынын өсөндүгүн айгинеледи. Кыргызстандын окуучулдорү койгон спектаклдер м-н концерттер ийгиликтүү өттү. Он күндүк В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Токтогул» операсы м-н ачылып, бул чыгарма улуттук өзгочолугу, аткаруучулардын чеберчилиги м-н москвалыктардын ж-а борбор шаардын көпчүлүгүнүн кулуунун толду. Опера ж-а балет театры андан тышкары М. Раухвергердин «Чолпон», В. Власов, В. Ференин «Анар» балеттерин көрсөткөн.

60-жылдары кыргыз профессионал музыкасы өзүнүн өнүгүү жолунда жаңы баскычка көтөрүлдү. Театр В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Манас» (жаңы редакциясы), М. Раухвергердин «Жамыйла», С. Германовдун «Эне жүрөгү», М. Абдраевдин «Олжобай менен Кишимжан» операларын, А. Аманбаевдин «Бойдоктор» аттуу музыкалык комедиясын, К. Молдобасанов, Г. Окуневдин «Күйручук», В. Власовдун «Асел» балеттерин койду. «Манас» операсы кыргыз опералык классикасынын эң мыкты чыгармаларынан болуп калды. Опера Москва, Ленинград ш-ларында коюлуп, угуучулардын мактоосуна татыктуу болгон. «Манас» операсы үчүн композиторлор В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, режиссёр коюучу А. Куттубаев Кыргыз ССРинин Токтогул ат. мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан. 1967-ж. СССР Чоң театрынын сахнасында Улуу Окт. рев-ясынын 50 жылдыгынын урматына өткөрүлгөн музыкалык спектаклдердин конкурсунда В. Власовдун «Асел» балети 1-сыйлыкка арзыган. А. Түлөев № 1- ж-а «Атай» симфонияларын жазган. Төрт бөлүмдөн турган 1-симфония темаларынын, музыкалык образдарынын айкын-



1. А. Малдыбаев м-н М. Абдраев. 1965. 2. А. Малдыбаев, К. Молдобасанов ж-а А. Жаныбеков. 1960.

дыгы ж-а мазмундуулугу м-н айырмаланат. Симфонияда улуттук фольклорду интонациялык чагылдыруу темаларды мотивдик ж-а вариациялык иштеп чыгуу м-н айкалышат. Түлөевдин симфониясы дүйнөлүк классикалык симфониялык циклдин салттарын өз алдынча чыгармачылык м-н пайдалануу аркылуу кыргыз темасында жазылган симфониялардын мыкты үлгүсү катары улуттук симфонизмдин өнүгүшүндө маанилүү роль ойноодо. М. Абдраевдин «Бекбекей» симфониялык сүрөттөмөсү ж-а «Суусамырда» поэмасы, А. Жаныбековдун Сов. Союзунун Баатыры Д. Шопоковдун эстелигине арналган поэмасы, 1-симфониясы, оркестр м-н фортепиано үчүн жазылган концерттери, К. Молдобасановдун «Жаштык», «Эмгек бийи» аттуу симфониялык бийлери, Т. Эрматовдун 2-поэмасы улуттук колорити м-н айырмаланат. Д. Шостакович «Кыргыз жана орус элдик темаларына увертюрасында» Кыргызстан калыргын таасирди чагылдырган. 60-жылдардагы вокалдык-симфониялык жанрдагы эң ири чыгармалардын катарына А. Малдыбаев, В. Ференин «Ленин, сен бизге эркиндик жана бакыт бердиң», «Улуу 40 жыл», А. Малдыбаев, М. Абдраевдин «100 жыл бирге» поэма-балладасы, «Эки ордендүү Кыргызстан» кантатасы, «Кыргыз улуу» ораториясы, М. Абдраевдин «Улуу достук тууралуу ода» сы» ж-а «Токтогул жергесинде» кантатасы, К. Молдобасановдун «Гүлдө, Кыргызстан» кантатасы, Н. Давлесовдун «Селкинчек» вокалдык-хореографиялык сценкасы ж. б. кирет. А. Малдыбаев, М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов ж. б-лардын ырлары ж-а романстары көцири тараган. К. Орозов атн. мамл. кыргыз эл аспап-

тар оркестрининн репертуары В. Ференин «Мураталина» сюитасы, С. Ряузовдун «Камбаркан», Б. Фефермандын «Мырза кербез», «Эркесары» пьесалары м-н толукталды. А. Жумакматов иштеп чыккан «Ибарат», «Маш ботой», «Миң кыял» күүлөрү экинчи омүргө ээ болду.

70-жылдары Кыргыз опера ж-а балет театры Н. Давлесовдун «Аста-секин, колукту» музыкалык комедиясын, К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясын, М. Абдраевдин «Бороон алдында» операсын, Ч. Нурымовдун «Олбостук» (Сов. Союз. Баатыры Ч. Түлобердиев ж-дө) балетин ж. б. койду. «Партия — доорубуздун ар-намысы, сыймыгы» кантатасы ж-а балдар үчүн ырлары цикли үчүн Н. Давлесов Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгына, «Саманчынын жолу» балет-ораториясы үчүн К. Молдобасанов, балетмейстер У. Сарбагышев, балериналар А. Токомбаева ж-а Р. Чокоева СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болушту. Композиторлор Н. Давлесов м-н К. Молдобасанов улуттук фольклорду пайдаланбагандыгына карабастан, азыркы музыкалык-сахна өнөрүнүн талабына жооп берүүчү чыныгы улуттук ж-а идеялык-көркөм мазмуну салмактуу чыгарма жаратышкан. Алардын ар бири Кыргызстандын композиторлорунун чыгармачылык жетишкендиктерин өз алдынча жалпылап, улуттук музыкалык театрдын өнүгүшүнүн жаңы жолдорун ж-а мүмкүнчүлүктөрүн ачышкан.


Кыргыз композиторлору симфониялык ж-а вокалдык-симфониялык жанрда жемиштүү эмгектеништи: Э. Жумабаевдин эпикалык симфониясы, С. Осмоновдун «Ак Мөөр» симфониясы, Т. Чалапиновдун Жукеев-Пудовкинге арналган симфониясы, Ж. Малдыбаеванын симфониеттасы, М. Абдраевдин Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгын алган «Эмгек шаңы», «Ильястын баяны» симфониялык поэмалары, А. Жаныбековдун «Менин Кыргызстаным» драмалык поэмасы, Б. Глуховдун «Кайрат» симфониялык поэмасы, К. Молдобасановдун «Жомок» ж-а «Манастын кошууну» аттуу симфониялык оркестр үчүн пьесалары, М. Бурштиндин «Виктор Хараны эскерип» балеттик-симфониялык рапсодия-балладасы ж. б. чыгармалар жазылды. Бул жылдары М. Абдраевдин «Ленинди 100 жылдыгы», «Ала-Тоодон алкыш», Н. Давлесовдун «Каштык», «Партия — доорубуздун ар-намысы, акылы жана сыймыгы», К. Молдобасановдун «Жаңа, Кыргызстан» ж-а «Фрунзе шаарынын 100 жылдыгы» кантаталары, В. Власовдун «Гүлсарат» ораториясы ж. б. жаралды. Мурда респ-када жогорку профессионал аткаруучулар жоктугуна байланыштуу концерттик жанр артта калып келген болсо, кийинки жылдарда бул багытта да жылыштар болду. М. Бурштиндин, А. Мырзабаевдин фортепиано ж-а оркестр үчүн, Б. Фефермандын, С. Осмоновдун скрипка ж-а оркестр үчүн, К. Молдобасановдун гобой ж-а оркестр үчүн, М. Абдраевдин, С. Осмоновдун үн ж-а оркестр үчүн концерттери, С. Осмоновдун виолончель м-н оркестр үчүн концерт-рапсодиясы ж. б. жаралды. Кыргыз композиторлору камералык аспаптык жанрда да активдүү иштешти. М. Бурштиндин, С. Алгожоевдин фортепиано сонаталары, А. Мырзабаев, С. Осмонов, Э. Жумабаевдин скрипка сонаталары, В. Глухов, А. Мырзабаев, С. Алгожоевдин кыл аспаптар үчүн квартеттери буга мисал. 1966-жылдан Кыргызстанда ар 2 жылда Бүткүл союздук «Ала-Тоо жазы» иск-во фестивалы өткөрүлүп, ага СССРдин көрүнүктүү артисттери, музыкалык коллективдери катышат. 1965-ж. Респ-калык телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу комитетинин симфониялык оркестри уюшулду.

Музыкалык билим берүү. 60-жылдары музыкалык билим берүүгө бир кыйла көңүл бурулду. Балдардын райондук ж-а шаардык музыкалык мектептери көбөйүп, 1979—80-окуу жылында алардын саны 104ко жетти. Фрунзеде М. Абдраев атн. музыкалык атайын орто мектеп-интернат, Ошто музыкалык мектеп ачылды. Борборубуздагы музыкалык-хореография окуу жайында сырттан окуу ж-а кечки бөлүмдөрү ачылып, мында



Д. Д. Шостакович ж-а В. И. Мурадели орус совет музыкасынын Кыргызстандагы он күндүгүнүн катышуучулары м-н. 1963.

окуган жаштардын саны көбөйдү. Ыр ж-а музыка мугалимдерин Фрунзе, Ош ж-а Пржевальск жогорку окуу жайларынын музыка факультеттери ж-а Фрунзедеги музыкалык-педагогикалык, Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайлары даярдайт. Кыргызстандын окулдорү Москва, Ленинград, Ташкен ж. б. шаарлардын музыкалык жогорку окуу жайларында билим алышат. 1967-ж. Фрунзеде Бубусара Бейшеналиева атн.



Тоодогу концерт. Дирижёр — Е. Ф. Светланов. 1974.

Кыргыз мамл. иск-во ин-ту ачылган. 1976-жылдан Пржевальск ш-нда музыкалык окуу жайы, 1980-жылдан Фрунзеде хореография окуу жайы иштейт.

Музыка изилдөө жана нота басып чыгаруу. Кыргыз музыка өнөрү Окт. рев-ясынан кийин изилдене баштады. Белгилүү музыка изилдөөчү-фольклорчу А. Затаевич «Кыргыздын 250 аспаптык пьесалары жана обондору» (М., 1934) аттуу нота жыйнагын жарыкка чыгарган. Жыйнак кириш сөз м-н ачылып, ар бир чыгармага түшүндүрмө берилген. Жыйнактын кириш сөзүндө автор ыр-күүлөрдүн ладдык-интонациялык ж-а муун-ыргактык түзүлүшүн, формасын, фактурасын жыйынтыктап, маанилүү илимий-теориялык тыянактар чыгарган. Түшүндүрмөлөрдө чыгармалардын жанрдык,

тарыхый, тематикалык, функционалдык ж. б. өзгочөлүктөрү аныкталган. Кыргыз эл музыканттары м-н аткаруучуларынын чыгармачылык стили ж-а аткаруучулук өзгочөлүктөрүнө мүнөздөмө берген. А. Затаевич жыйнаган материалдар, ага берген илимий аныктамалар ж-а түшүндүрмөлөр кыргыздын профессионал композитордук чыгармачылыгы үчүн соолбос булак, кыргыз музыка өнөрүн изилдөө б-ча баа жеткис эмгек болуп саналат. Кыргыз музыка таануу илиминин (ошонун ичинде фольклористикасынын) өнүгүшүнө кыргыз музыкасы ж-дө кылга эмгек жарыялаган В. Виноградов чоң салым кошту. Ал Затаевичтин көзү тирүүсүндө бүтүрө албай калган эмгектерин «Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору» деген наам м-н жарыкка чыгарган (М., 1971). В. Виноградовдун фундаменттүү эмгектеринде кыргыз музыка фольклорунун теориялык ж-а тарыхый маселелери чагылдырылып, респ-каның музыкалык турмушунун мындан аркы өнүгүү жолдору белгиленген. В. Беляевдин Кыргызстандын музыкалык маданияты ж-дөгү, Ю. Каревдин М. Раухвергердин чыгармачылыгы тууралуу, В. Янковскийдин кыргыз композиторлору А. Малдыбаев, М. Абдраев жана А. Түлөев ж-дөгү, Б. Алагушовдун кыргыз элдик музыкалык аспаптары, комузчулардын өнөрү, улуттук опералар жөнүндөгү жана башкалардын эмгектери Кыргызстандын музыка таануу илиминин өнүгүшүнө кошулган салымы болду.

К. Дүйшалиев, Б. Алагушов

ТЕАТР

Октябрь рев-ясына чейин кыргыз элинде улуттук профессионал театрлар болгон эмес. Буга элдин көчмөн турмушу ж-а ислам дини негизги себепкер болгон. Бирок эл өзүнүн көп кылымдык тарыхында театр элементтерине бай кайталангыс иск-восун жаратып келген. Токмо акындар, куудул-чечендер, элдик ырларды аткаруучулар, эпос айтуучулар чыгармаларды элестүү жаңсоо, ымдоонун коштоосунда аткарышкан. Мис., манасчылардын аткаруучулугу жалгыз актёрдун театрын элестеткен. Айтуучу эпостун мазмунун берүүдө ар бир каармандын образына жараша түрүн өзгөртүп турган. Театр элементтери элдик үрп-адаттарда сакталган. Мис., үйлөнүү салтанатында күйөө-жолдош өзүнүн созмөрлүгүн, байкагычтыгын көрсөтүп, олтургандардын көңүлүн өзүнө буруп турушу керек болгон. Чоң жыйындарда, аш-тойлордо миңдеген адамдар чогулушкан. Мындагы аткаруучулар белгилүү бир темада атайын даярдыгы болбосо да, бир эле учурда конферансье милдетин ж-а негизги ролду аткарган. Угуучулар, акындар аткарган күндөлүк турмуштан алынган сатиралык ырлардын создорүн, мазмунун эсте тутуп калууга аракеттенип, уккандарын эл арасына таратышкан. Бирок элдик чыгармачылыктын бай казнасы эл оозунда, улуттук салтта, үрп-адаттарда гана сакталып келген. Көптөгөн маданий байлыктарды жаратып келген кыргыз эли дүйнөлүк залкар иск-воңун улуу чыгармалары ж-дө кылымдар бою кабардар болгон эмес. Кыргызстан Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандан баштап, анын маданий турмушуна көркөм чыгармачылыктын жаңы түрлөрү сиңе баштаган. Кыргызстандын аймагына аскердик ж-а граждандык калктын отурукташуусу м-н Пишпек, Токмок, Ош, Кызыл-Кыяда орус тилинде спектакль көйгөн театр ышкыбоздорунун драмалык ийримдери пайда болгон. Бирок театр маданиятын түзүүнүн алгачкы аракеттери андан ары өнүгө алган эмес.

Улуу Октябрдын жеңишин м-н кыргыз элинин маданий турмушунда кайра жаралуунун айкын жолу ачылды. 1918-ж. Пишпекте «Эркиндик» («Свобода») музыкалуу драма ийрими уюшулуп, анда А. Н. Островскийдин «Күрдөөлдүү жерде» аттуу пьесасы коюлган. Коммунисттер клубунда дагы бир театр коллективи иштеген. Ийримдердин репертуарын жерг. авторлордун (Мисалы, Е. Вольный, «Эки дүйнө»; Г. И. Швец-Базарный, «Коммуна дүйнөсүндө» ж. б.) пьесалары түзгөн. 1919—20-ж. театр ышкыбоздорунун коллективдери Кыргызстандын дээрлик бардык жерлеринде уюшула баштаган. Алардын көпчүлүгү «Көк көйнөк» («Синяя блуза»), «ТРАМ», «Кызыл араба» («Красная повозка») деп аталган. Курамында орус ж-а улуттук труппалар болуп, концерт-митингдерди уюштурушкан. Агитациялык театрдын башка түрлөрү да пайдаланылган. 1919-ж. Ошто пайда болгон өзбек театр ышкыбоздор коллективинин негизинде 1929-ж. Ош өзбек музыкалуу-драма театры түзүлгөн. 1920-жылдын февралында Караколго жакын Чолпон кыштагында мектеп мугалими О. Лепесовдун кедейлер м-н байлардын ортосундагы карама-каршылыктарды чагылдырган ыр м-н жазылган бир актылуу «Болкобай» аттуу пьесасы коюлган. Түркстан Автономия Республикасынын маданий борборлорунун бири болгон Каракол ш-нда да спектаклдер көрсөтүлгөн. Ал спектаклдерди жерг. мугалимдер ж-а Алматы, Ташкен ш-ларынан каникулга келген студенттер коюшкан. К. Тыныстановдун «Алымкул», Б. Калпаковдун «Эскиден калган эничлер» аттуу пьесалары феод. калдыктарга каршы багытталган. Пьесалар бир нече репетициядан кийин коюлуп, жасалгалоодо үй эмеректери, боз үйлөр колдонулган; аялдардын ролун көп учурларда эркектер аткарышкан. Спектакльден кийин эл ырчыларынын, обончулардын, эпос айтуучулардын катышуусу м-н концерт берилген. 1921-жылдын ортосунда Пишпек уездинин элге билим берүү бөлүмүнүн алдындагы көркөм чыгармачылык бөлүмчөсү кыргыз театр труппасын уюштурууга киришет. Мындагы негизги кыйынчылык профессионал кадрлардын ж-а улуттук драматургиянын али жоктугунда болду. 1924-ж. окт. айында Кара-Кыргыз автономия областы түзүлгөндөн кийин Пишпекте 1925-ж. Кыргыз педтехникумунун алдында драма ийрими уюшулган. Бул ийримде композитор А. Малдыбаев, драматург К. Жантөшев, Р. Шүкүрбеков, К. Маликов, артисттер А. Куттубаева, С. Күмүшалиевалар сахна ишмердигин башташып, кийин кыргыз профессионал театрынын өнүгүшүнө кыйла салым кошушкан.

1926-жылдын 11-октябрында ВКП(б) Кыргыз обкомунун агитация-пропаганда бөлүмү театр кызматкерлерин даярдоо б-ча улуттук студия ачуу ж-дө токтом кабыл алып, алгач алты айлык, кийин үч жылдык студия иштей баштаган. Аны ырчы ж-а режиссёр Н. Н. Еленин (музыкалык жетекчиси Д. Д. Мацуцин, режиссёру А. Г. Поселянин, сүрөтчүсү Г. А. Петров) жетектеген. Студия окуу жайы гана эмес өзүнчө театр коллективи болуп эсептелген. Анда окугандардын көпчүлүгү кийинки жылдарда профессионал театрлардын труппаларына кошулуп, белгилүү актёр ж-а театр ишмерлеринен болуп калышты: А. Куттубаев, Ө. Жетикашкаев, С. Сабаев, А. Айбашев, К. Айбашева, Ш. Түмөнбаев, Ж. Жүндүбаев, О. Сарбагышев, К. Мадемилова, К. Эшимбеков, А. Боталиев ж. б.

Алгачкы спектаклдер музыкалык жанрларга жакын болгон. Студиянын угуучулары дикцияга, көркөм окууга, гримге, музыкалык сабаттуулукка, жалгыз ж-а көп үн м-н ырдоого, бий бийлөөгө үйрөнүшкөн. Кыргыз музыкасынын чыгармаларын аткаруу үчүн орус эл аспаптарынын оркестри уюшулган. Кыргыздын түңүч спектакли болгон М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» драмасы (1927) аялдар теңсиздигине каршы багытталган. 1929-ж. коюлган К. Жантөшевдин «Карачач» аттуу пьесасында жаштардын бак-таалай үчүн жүргүзгөн күрөшү социалдык драманын деңгээлине көтөрүлдү. Боордош элдердин адабиятынан көчүрүлгөн пьесалар да коюлган (казак драматургу М. Ауэзов, «Байбиче жана токол» ж. б.). Кыргыз театрынын өнүгүшүнө орус

классикасынын тийгизген таасири чоң. Н. В. Гоголдун «Текшерүүчү» (1929) ж-а А. Н. Островскийдин «Жок жерден табылган алтын» (1930) спектаклдерин даярдоо м-н студиячылар актёрдук онордун реалисттик негиздерин үйрөнүшкөн.

1930-ж. 7-ноябрда студиянын негизинде Кыргыз мамл. театры түзүлгөн. Анын биринчи сезону кыргыз элинин 1916-жылдагы которулушуно арналган К. Жантөшевдин «Алым менен Мария» спектакли м-н ачылган. Театр респ-канын коомдук-саясий турмушуна активдүү катышуу м-н көбүнчө а. ч-сын коллективдештирүү, тап душмандарына каршы күрөшүү темаларына кайрылган. Репертуарга орус совет драматургиясынын пьесалары да кирген. Бирок окуя өткөн жер Кыргызстандын аймагына алмаштырылган (Е. Я. Яновский, «Каат»; Л. Мизандронцев, Л. Циновский, «Каман» аттуу музыкалык комедия, жацы аты «Тобурчак»). Чакан агитациялык пьесалар да коюлган.

Кыргыз театрынын калыптануусунун кыйынчылыктары 1932-ж. кыргыз элинин тарыхын бурмалап көрсөткөн, жалпысынан «Академиялык кечелер» деп аталган спектаклдердин коюлушунан корунгон. Бул мезгилдеги мыкты спектаклдер: Д. Фурманов, «Козголоң»; Р. Шүкүрбеков, «Бейит арасында»; А. Куттубаев, «Колхоз душмандары» ж. б. Ж. Турусбековдун кыргыз эл музыкасы колдонулган «Ажал ордуна» музыкалык драмасы 1934-ж. коюлуп, бул кыргыз элинин алгачкы улуттук музыкалык драмасы болуп калды. Спектакль кыргыз элинин турмушундагы трагедиялуу окуяларды чагылдырган.

1935-ж. респ-канын театрынын өнүгүшүндөгү бурулуш жыл болду. Бүткүл Кыргыз Советтеринин 4-съездинде Эл агартуу комиссариатынын Кыргызстанга театр ишин чыңдоо ж-а кецейтүү б-ча сунушу каралып, анын негизинде респ-канын өкмөтү улуттук театрды андан ары өнүктүрүү, чыңдоо, актёр ж-а режиссёр кадрлардын профессионалдык деңгээлин жогорулатуу ж-дө атайын токтом кабыл алган. Ошол эле жылы Фрунзеде А. В. Луначарский атн. Мамл. театр өнөр ин-тунун актёрдук факультетинин бүтүрүүчүлөрүнөн труктуу орус театры уюшулган (буга чейин ар бир сезондо труппа алмашылып турган). Театрга Н. К. Крупскаянын ысмы берилген. 1935-жылдын күзүндө ГИТИСте (Мамл. театр өнөр ин-ту) В. А. Орлов жетекчеген кыргыз студиясы ачылган. Анын режиссёрдук факультетине О. Жетикашкаев, А. Куттубаевдер отушкон.

Кыргыз ж-а орус театрларынын оз ара тыгыз байланышы кыргыз коллективинин орус театр маданиятын, өзгөчө мүмкүнчүлүк түзгөн. 1935—36-жылкы сезондо К. Жантошевдин «Карачач» пьесасынын жацы коюлушу кыргыз коллективи чыгармачылык жактан кыйла өскөндүгүн айгинелейт. Театр кайрадан Н. В. Гоголдун «Текшерүүчүсүн», Р. Шүкүрбековдун «Каналак Жатпасов» аттуу комедиясын койгон.


ВКП(б) Кыргыз обкомунун 1936-ж. 7-октябрдагы «Кыргыз мамлекеттик театрын мындан ары өркүндөтүүнүн жолдору жөнүндөгү» токтомуна ылайык кыргыз драма театры 1936-ж. музыкалуу театр болуп кайра уюшулган. Солисттер труппасына А. Боталиев, К. Эшимбеков, А. Куттубаева, А. Малдыбаев ж. б. кирген. Труппаны толуктоо максатында эл чыгармачылыгынын респ-калык олимпиадасы откорулүп, ал конкурста жаш ырчы С. Кийизбаеванын вокалдык бай таланты ачылган. Вокал б-ча окутуу иштери жүргүзүлгөн. Москвадан композиторлор В. А. Власов, В. Г. Фере, дирижёр В. В. Целиковский, театр сүротчүсү Я. З. Штоффер, балетмейстер Н. С. Холфин ж. б. тажрыйбалуу педагогдор чакырылган. Алар кыргыз профессионал музыка өнөрүнүн калыптанышына ж-а өнүгүшүнө зор салымдарын кошкон.

30-жылдарда адабиятчылардын кончулугу драматургияга кайрылышкан. Акындар К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков биргелешип «Айчурок» аттуу кыргыздын туңгуч операсынын либреттосун, Ж. Бөкөнбаев «Алтын кыз» музыкалуу драмасын жазган. Бул чыгармалар «Ажал ордуна» спектакли м-н бирге Москвада болуп откон кыргыз иск-восунун он күндүгүнүн (1939) программасына кирген. «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы формасы б-ча операга жакын (композиторлор В. А. Власов, В. Г. Фере, А. Малдыбаев, койгон А. Куттубаев, режиссёру В. Я. Васильев, сүротчу-жасалгалоочусу Я. Штоффер, ролдордо: Искендер — А. Боталиев, Зулайка — А. Куттубаева).

Кыргызстанда соц. курулушту чагылдырган «Алтын кыз» драмасы (музыкасы В. А. Власов, В. Г. Ференики, койгон Ө. Жетикашкаев, режиссёрлору В. Я. Васпльев, Г. Н. Дмитриев, сүротчусү Г. Айтиев) 1937-ж. коюлган. «Манас» эпосунун мотивинде түзүлүп, 1937-ж. коюлган А. Малдыбаев, В. А. Власов, В. Г. Ференин «Айчурок» операсы (режиссёру А. Куттубаев, Айчурок — С. Кийизбаева, Кулчоро — А. Малдыбаев, Калыйман — А. Куттубаева) кыргыздын улуттук операсынын башталышы болуп калды.

Кыргыз иск-восунун Москвадагы биринчи он күндүгү (1939) респ-канын Совет бийлигинин жылдарындагы маданий жетишкендиктеринин кароосуна айланды. Анда «Айчурок» операсынан, «Ажал ордуна» ж-а «Алтын кыз» музыкалуу драмаларынан башка Кыргыз мамл. филармониясынын (1936-ж. уюшулган) чоң концерттик программасы көрсөтүлгөн. Театр ж-а музыка өнөрү б-ча зор жетишкендиктери үчүн Кыргызстандын 70тен ашуун иск-во кызматкерлери СССРдин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланышкан. 1935—36-жылкы театр сезонунда Кыргызстан өспүрүмдөр театры (ТЮЗ) түзүлгөн. Уюштуруучу ж-а биринчи директору, актёр ж-а режиссёр О. Сарбагышев болгон. Театрдын коллективи нан заводунун клубунун өздүк көркөм чыгармачылыгынын катышуучуларынан түзүлгөн. Туңгуч актёрлору — Б. Кыдыкеева, Д. Күйүкова, С. Жаманов ж. б. Алгач Н. В. Гоголдун «Үйлөнүү», Лопе де Веганын «Койлуу булак», Ж. Б. Мольердин «Жорж Дандең», М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К. Маликовдун «Күлүйпа», Л. В. Веприцкаянын «Скэбдин уулу», А. Яковлевдин «Павлик Морозов», К. Жантөшевдин «Кичинекей баатыр» ж. б. спектаклдер коюлган. Өспүрүмдөр театры (ТЮЗ) койгон эң мыкты спектаклдер элдик эпостордун негизинде жазылган «Сарыжи-Бөкөй» (К. Эшмамбетов) ж-а «Көкүл» (О. Сарбагышев).

30-жылдарда областтык, колхоз-совхоздук театрлар пайда болгон. 1934-ж. Өзгөндө, 1937-ж. Кетмен-Төбөдө, Пржевальскиде, Жумгалда, 1938-ж. Нарында кыргыз театрлары ачылган. 30-жылдардын 2-жарымында респкада 4 обл. — Каракол (Ысык-Көл), Жалал-Абад, Тянь-Шань (Нарын), Ош ш-ларында; 11 колхоз-совхоздук — Өзгөн, Жумгал, Ысык-Көл (Байсорун кыштагында), Чүй, Токмок, Кетмен-Төбө, Кызыл-Кыя, Ленин, Сталин, Калинин ж-а Киров театрлары иштей баштаган. Алардын жетекчилери ж-а режиссёрлору: А. Жанкорозова (Өзгөн), А. Көбөгөнов (Жумгал, Нарын), Д. Койчумаков (Пржевальск) ж. б. Өздүк корком чыгармачылык коллективдеринин катышуучуларынан түзүлгөн областтык ж-а колхоз-совхоздук театрлар респ-канын алыскы тоолуу райондорунда болуп, спектакль коюшкан ж-а концерт беришкен. Алардын репертуарында Ж. Бөкөнбаевдин «Токтогул», К. Жантөшевдин «Дардаш», Н. В. Гоголдун «Үйлөнүү», А. С. Пушкиндин «Таш конок» ж. б. пьесалары болгон. 1939-ж. Фрунзеде колхоз-совхоздук театрлардын респ-калык фестивалы откон. Жумгал (К. Жантөшев, «Дардаш»; А. Көбөгөнов койгон) ж-а Пржевальск (Ж. Бөкөнбаев, «Токтогул»; Д. Койчуманов койгон) театрлары Ардак грамоталарга татыктуу болгон. Пржевальск ж-а Жумгал театрларынын алдыңкы актёрлорунун катышуусунда коюлган «Токтогул» спектакли Москвада болуп откон колхоз-совхоздук театрлардын бүткүл союздук фестивалына катышкан. 1940-ж. Кыргыз музыкалуу театрынын сахнасында К. Эшмамбетовдун либреттосуна жазылган В. А. Власов



Кыргыз искусствосунун Москвадагы он күндүгүнө катышкандар М. И. Калинин м-н. 1939.

м-н В. Г. Ференин улуттук туңгуч балети «Анар» коюлган. Кыргыз балетинин башаты болгон бул спектаклге А. Я. Ваганова атн. Ленинград хореография окуу жайынын алгачкы кыргыз бүтүрүүчүлөрү катышкан.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында көптөгөн артистер согушка аттанышкан. Ошого байланыштуу жаш көрүүчүлөр театры жабылган. Труппанын калган бөлүгү м-н ГИТИСтин биринчи бүтүрүүчүлөрүнөн 1941-ж. Кыргыз драма театры түзүлгөн. Коллективдин алгачкы жетекчилери ГИТИСтин режиссёрдук факультетин бүтүргөн А. Айдаркулов ж-а ЖКТнин режиссёру О. Сарбагышев болгон. Театрдын репертуарына студиянын бүтүрүүчүлөрү окуп жүргөн мезгилде даярдаган У. Шекспирдин «Король Лир», А. Н. Островскийдин «Кедейлик кемтик эмес» пьесалары киргөн. Алгачкы сезондорунда коюлган А. Токомбаевдин «Ант», Р. Шүкүрбековдун «Кек», К. М. Симоновдун «Орус адамдары», элдик дастандардын негизинде жазылган К. Жантөшевдин «Курманбек», А. Куттубаев м-н К. Маликовдун «Жацыл» ж. б. пьесаларында Улуу Ата Мек. согуш учурунда елкөбүздүн элдеринин духуна жакын өткөн мезгилдеги баатырдык салттарын чагылдырган. Н. Кытаев, Д. Күйүкова Курманбек м-н Жацылдын эпикалык образдарын жацыча ачып көрсөтүшкөн. М. Рыскулов Тейитбектин ролунда («Курманбек») адамдын рухий байлыгын ойрондотуучу чыккынчылыкты ашкерелеген. Согуш жылдарында кыргыз драма театрында коюлган классикалык драматургиянын чыгармалары — «Он экинчи түн» (У. Шекспир; режиссёру О. Сарбагышев), «Текшерүүчү» (Н. В. Гоголь; жацы сахналык редакциясы, режиссёру А. А. Свистунов) ж. б. М. Рыскулов (сэр Тоби, шаар башчысы), Ш. Түмөнбаев (Мальволио, Хлестаков), С. Күмүшалиева (Мария) өздүү көптөгөн актёрлор үчүн чыныгы такшалуу мектеби болуп калды. Бул жылдары Н. К. Крупская атн. орус драма театры да жемиштүү иштеди. Орус ж-а кыргыз драма театрларынын оз ара чыгармачылык жардамдашуусу алардын сахна маданиятынын өсүшүнө оболго түздү. Орус драма театрында К. Симоновдун «Орус адамдары», «Биздин шаардык жигит», Л. М. Леоновдун «Чабуул», Б. А. Лавренёвдун «Деңиздегилер үчүн», В. А. Соловьёвдун «Фельдмаршал Кутузов» ж. б. пьесалар коюлган. Согуш мезгилинде актёрлордун фронтко кеткендигине байланыштуу колхоз-совхоздук театрлардын кончулугу жабылып, башкалары областтык театр болуп кайра түзүлгөн (Ысык-Көл, Нарын, Өзгөн, Жалал-Абад обл. театрлары). Областтык театрлардын 1941—42-жылкы сезону театрлаштырылган «Коргонуу концерти» м-н ачылган. Согуш ж-дө бир актылуу пьесалар коюлган: К. Жантөшевдин «Кобоштун коктугу», «Ким каптп?», А. Токомбаевдин «Токой аалери», К. Эшмамбетовдун «Кара туман».

1942-ж. музыкалуу театр опера ж-а балет театры деп аталган. 1944-ж. М. Р. Раухвергердин «Чолпон» (либреттосу О. Сарбагышев м-н Л. Крамаревскийдики) балети коюлган. Либреттонун негизин адилет ж-а кара күчтөрдүн күрөшү тууралуу элдик жомок түзгөн. Чолпондун партиясын Б. Бейшеналиева аткарган. Балетке Н. Туголов, Ч. Жаманова, Г. Уразбаевдер (коюучу-балетмейстери Н. С. Холфин, Л. Крамаревский, сүротчусү Я. Штоффер) катышкан. Согуш жылдарында Ж. Вердинин «Травиата», Ж. Бизенин «Кармен», П. И. Чайковскийдин «Карганын маткеси» опералары, А. К. Глазуновдун «Раймонда», П. И. Чайковскийдин «Ак куу колу», Р. М. Глиэрдин «Кызыл гул», Б. В. Асафьевдин «Бахчисарай фонтаны» балеттери, В. А. Власов, А. Малдыбаев, В. Г. Ференин «Эл бактысы үчүн» (либреттосу А. Куттубаев, К. Маликовдуку), М. Р. Раухвергердин «Көкүл» (либреттосу О. Сарбагышевдики) улуттук опералары, А. Малдыбаев, М. Абдраев, А. Түлеев, А. Аманбаевдердин «Ким каптп?» музыкалуу комедиясы (либреттосу К. Жантөшевдики), В. А. Власов, В. Г. Ференин «Селкинчек» (либреттосу К. Жантөшевдики) балети, о. эле П. И. Чайковскийдин «Евгений Онегин», У. Г. Гажибековдун «Аршин мал алан», А. Крейндин «Лауренсия», Е. Г. Брусиловскийдин «Кыз Жибек» опералары коюлган. Кыргызстандын театрларынын чыгармачыл коллективдери жаш улуттук ж-а орус кадрлары м-н толукталган (сүротчү А. В. Арефьев, дирижёр Р. Г. Мироновнч, композиторлор С. П. Ряузов, С. Л. Германов, дирижёр А. Жумакматов, хормейстер С. Юсупов).

Кыргыз артистеринен фронттук жети бригада уюштурулуп, алар согушун жаткан аскерлерге 2500 концерт беришкен. Бригадалардын катарында респ-канын эл артисттери А. Үсөнбаев, М. Баетов, А. Боталиев, А. Куттубаева, С. Кийизбаева, М. Омурканова, композиторлор В. А. Власов, В. Г. Фере ж. б. болушкан.

Согуштан кийинки жылдары театрлардын оз ара байланышы кецейип, учурдун тематикасындагы пьесалар коюла баштаган. Буга ВКП(б) БКнын 1946-ж. 26-августта кабыл алган «Драмалык театрлардын репертуары жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндөгү» токтому көп жагынан шарт түзгөн. Кыргызстандын театрлары сов. авторлордун Н. Ф. Погодиндин «Дүйнөнүн жаралышы», К. М. Симоновдун «Орус маселеси»,

Л. Д. ж-а П. Л. Турлардын «Комүско кочодогу үй», А. А. Фадеевдин «Жаш гвардия» (роман боюнча сахналаштырылган), А. Е. Корнейчуктун «Калина токою» пьесалары активдүү коюла баштайт. Улуттук драматургиянын идеялык-көркомдук деңгээлин андан ары жогорулатуу максатында респ-када мыкты пьесалар үчүн конкурстар өткөрүлгөн. 1947- ж-а 1950-жылдардын жыйынтыгы б-ча А. А. Свистунов м-н Р. Шүкүрбековдун «Баатырдын жолу», К. Бектеновдун «Жарык жол», К. Жантошевдин «Бир үйдө» пьесалары эң мыкты деп таанылган.

Драматург Т. Абдумомуновдун респ-кадагы жумушчу табынын ж-а сов. интеллигенциянын турмушун чагылдырган пьесалары кыргыз драматургиясынын өнүгүшүндөгү жаңы этап болду. Анын алгачкы «Кумдуу чап» пьесасы Кыргызстанда нефть издеген геологдордун иши тууралуу баяндайт, «Замандаштарда» коңшулаш эки заводдун соц. мелдеши, «Курманда» медицина кызматкерлеринин тоолуу райондордогу иши көрсөтүлгөн. 40-жылдардын аягы — 50-жылдардын башында Кыргыз драма театры дүйнөлүк ж-а орус классиктеринин чыгармаларын ж. б. сахнага коёт. Алардын мыктылары — Шекспирдин «Отелло», А. Н. Островскийдин «Сепсиз кыз» (режиссёру А. А. Свистунов) пьесалары. 1952-ж. А. А. Свистунов Н. Ф. Погодиндин «Мылтыкчан киши» (В. И. Ленинди ролун респ-канын эл артисти А. Боталиев аткарган), режиссёр И. Г. Боров М. Горькийдин «Егор Булычов жана башкалар» пьесаларын коюшкан. Бул спектаклдердин ийгилиги театрдын сахна маданиятынын жогорулагандыгын, коллектив татаал чыгармачылык маселелерди өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү экендигин көрсөттү. 50-жылдарда пайда болгон жаңы курч конфликттүү спектаклдердин катарына Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай» сатиралык комедиясын кошууга болот. Биздин замандаштардын образдары Ш. Бейшеналиевдин «Уядан учкандар», К. Жантошевдин «Каныбек», К. Маликовдун «Жүрөк толкуйт», Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» пьесаларында чагылдырылган. Боордош элдердин сахна маданияты м-н болгон өз ара байланыштары да өөрчүгөн: А. Рахмановдун «Жүрөк сырлары», К. К. Крапиванын «Акыркы күлгөндө арман жок», Б. А. Лавренёвдун «Кыйроо», М. В. Киршондун «Сонун эритме» спектаклдери коюлган. Башкы ролдорду Ташкендеги А. И. Островский атн. көрком театр ин-тунун ж-а А. В. Луначарский атн. ГИТИСтин бүтүрүүчүлөрү аткарышкан. Кедей дыйкандардын тантык аң-сезиминин ойгонуусун көрсөткөн Т. Абдумомуновдун «Ашырбай» (1957, реж. И. Г. Боров) рев-я темасындагы драмасынын коюлушу респ-канын театр турмушунда маанилүү окуя болду. 70-жылдары пьеса (жаңы редакциясы) Кыргыз мамл. драма театрында, Нарын обл. ж-а Ош озбек музыкалуу-драма театрларында коюлган. 50-жылдардагы театрдын башкы актёрлору — СССР эл артисттери М. Рыскулов, Б. Кыдыкеева, Д. Күйүкова, респ-канын эл артисттери А. Боталиев, С. Күмүшалиева, С. Жаманов, А. Кобегонов, Н. Кытаев, Ш. Түмөнбаев, С. Балкыбекова ж. б. Сахна өнөрүнүн өнүгүшүнө театрдын алгачкы кызматкерлеринин бири сүрөтчү А. М. Торопов кыйла салым кошкон.

Согуштан кийинки жылдары Кыргызстандын обл. театрлары жаңы чыгармачыл күчтөр м-н толукталып, алардын иш сапаты жогорулаган. Көркөм жетекчилигине ГИТИСтин кыргыз студиясын мурдагы бүтүрүүчүлөрү К. Толобаев (Ысык-Көл театры, 1948-ж. Нарын театры м-н биригкен), К. Саскеев (Жалал-Абад театры) дайындалган. Обл. сахналарда К. М. Симоновдун «Орус маселеси» (Ысык-Көл театры), П. А. Павленконун «Бакыт» (Өзгөн театры) пьесалары коюлган. Классикалык драматургиянын чыгармаларын: Ж. Б. Мольердин «Жорж Данден» (Өзгөн театры), К. Гольдонинин «Эки мырзанын малайы» ж-а А. Н. Островскийдин «Сепсиз кыз» пьесаларын (Ысык-Көл театры) коюу обл. театрлардын сахна маданиятынын өсөндүгүн көрсөткөн. Жерг. театрлардын сахналарында улуттук драматургиядан Т. Абдумомуновдун «Борбаш», «Кумдуу чап», «Замандаштар», К. Бектеновдун «Берекелүү ороон», К. Жантошевдин «Курманбек» пьесалары коюлган.

1947—48-ж. Респ-калык куурчак театрында (1938-ж. негизделген) кыргыз труппасы түзүлгөн. Анын уюштуруучусу ж-а жетекчиси В. А. Швембергер болгон. Театрда К. Эшмамбетовдун «Ак аркар», В. А. Швембергердин «Көк туйгун», К. Жантошевдин «Анчар жана ак бугу», А. Кобегоновдун «Туткун Каныш», Ж. Садыковдун «Эр Тоштук», К. Бектеновдун «Куйручуктун күлкүсү», Н. Г. Гернеттин «Аладдиндин сыйкырдуу чырагы» (режиссёрлору К. А. Саскеев, В. Ф. Ткаченко, А. И. Кулакова; сүрөтчүлөрү И. А. Белевич, С. Ф. Мохов, Т. П. Некрасова; актёрлор: К. Алгожоева, А. Усольцева, Т. Т. Старжинская, Е. Полоцкая, Н. Самородов, К. Сыдыгалиев, Н. Бошкоева) спектаклдери коюлган.

40-жылдардын аягы — 50-жылдардын башында респ-када опера ж-а балет өнөрү үргаалдуу өнүккөн. 1951-ж. В. А. Власов, А. Малдыбаев, В. Г. Ференин колхоз курулушу тууралуу «Көл боюнда» операсы коюлган (койгон С. Малявин, режиссёрлору А. Куттубаев, В. Я. Васильев, дирижёру А. Жумакматов, хормейстери С. Юсупов). А. Аманбаев ж-а С. Л. Германовдун «Айдар менен Айша» (1952) операсы (либреттосу У. Абдукамовдуку) эзилген ж-а эзүүчү таптардын күрөшүн чагылдырган. Операда элдик күүлөр ж-а ырлар колдонулган. М. Абдраевдин «Жаш жүректөр» операсында (либреттосу Н. Байтемировдуку) партиянын чакырыгы м-н канал курууга катышкан жаштардын турмушу көрсөтүлгөн. 1956-ж. А. Малдыбаев м-н М. Абдраевдин кыргыздын улуу акын-демократы ж-дагу «Токтогул» операсы (либреттосу Ж. Боконбаев, К. Маликовдуку) коюлган. Композиторлор А. Малдыбаев, В. А. Власов ж-а В. Г. Ферө аты уйкаш опера да акын тагдырына дагы



В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферө. «Манас» операсы. Каныкей — С. Кийизбаева. 1946.

бир ирет (1958) кайрылышкан. Операның жаңы сахналык редакциясынын сюжетинин негизин эмгекчи элдин ж-а алардын үмүт, тилегин чагылдырган Токтогулдун бай-манаптар, падыша чиновниктери м-н болгон күрөшү түзгөн. С. Н. Ряузовдун «Ак шумкар» операсы коюлган. Классикалык репертуардан Д. С. Даргомыжскийдин «Суу периси», Ш. Гунонун «Фауст», С. В. Рахманиновдун «Алеко», Ж. Вердинин «Риголетто», А. Г. Рубинштейндин «Демон» опералары ж-а «Анар», «Чолпон» балеттеринин жаңы редакциялары коюлган.

1958-ж. 14—28-октябрда Москвада кыргыз иск-восу м-н адабиятынын экинчи он күндүгү өткөн. Ага опера ж-а балет театры, кыргыз, орус драма театрлары ж-а мамл. филармония катышкан. Опера ж-а балет театры П. И. Чайковскийдин «Опричник», В. А. Власов, А. Малдыбаев ж-а В. Г. Ференин «Токтогул» операларын, кыргыз драма театры К. Жантошевдин «Курманбек», Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай», А. Н. Островскийдин «Добул», Цао Юйдин «Тайфун» аттуу пьесаларын, орус драма театры Н. Ф. Погодиндин «Кремль куранттары», М. Горькийдин «Мещандар», К. Эшмамбетовдун «Сарижи», Р. Шүкүрбековдун «Өрөөндөгү нур» пьесаларын тартуулаган. Кыргыз мамл. филармониясынын коллективи концерттик программа м-н чыккан. Ленин орденду кыргыз опера ж-а балет театрына академиялык деген наамдын берилиши, кыргыз драма театрынын Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланышы, М. Рыскулов, Б. Бейшеналиева, С. Кийизбаевага СССР эл артисти деген наамдын ыйгарылышы — партия м-н өкмөт респ-канын театр өнөрүнүн жетишкендиктерин жогору баалагандыгынын далили. Ленин ордени м-н 9, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н 41, «Ардак Белгиси» ордени м-н 86, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы м-н 182 адам сыйланган.




А. Малдыбаев, В. Власов, В. Ферө. «Токтогул» операсы. Токтогул — А. Мырзабаев. 1958.

Опера ж-а балет театры 60—70-жылдарда биринчилерден болуп азыркы авторлордун чыгармаларына кайрылган. Театрда А. Холминовдун «Оптимисттик трагедия», К. Молчановдун «Ромео, Жульетта жана карацгылык», «Белгисиз солдат», И. Дзержинскийдин «Тынч Дон», А. Петровдун «Петр I» опералары, В. А. Власовдун «Асел», Ч. Нурымовдун «Өлбөстүк», А. И. Хачатурянды «Спартак», Э. Аристакесяндын «Прометей», Л. Меликовдун «Сүйүү жонунде баян» ж. б. балеттер коюлган. Театр улуттук репертуар түзүүдө да зор иштерди жүргүзүдү. Натыйжада А. Аманбаевдин «Бойдоктор» аттуу музыкалык комедиясы (либреттосу Ш. Бейшеналиевдики) коюлган. В. А. Власов, А. Малдыбаев, В. Г. Ферө «Манас» операсынын жаңы редакциясын (либреттосу А. Токомбаев м-н К. Маликовдуку, режиссёрлору Р. Захаров, А. Куттубаев, дирижёр К. Молдобасанов, сүрөтчүсү А. В. Арефьев, балетмейстер К. Мадемилова, хормейстерлер С. Юсупов, К. Алиев) ишке ашырган. Композитор М. Абдраев жаштардын феод. калдыктарга каршы күрөшү тууралуу лирикалык-драмалык «Олжобай менен Кишимжан» (либреттосу Э. Турсунов, А. Жакыпбековдуку) ж-а кыргыз элинин рев-яга чейинки турмушун көрсөткөн «Бороон алдында» (либреттосу С. Шимеевдики) операларын жараткан. Театр сахнасында каранайым элдин кызыкчылыгын коздогон кыргыз куудулу Куйручукка арналган К. Молдобасанов м-н Г. Окуневдин «Куйручук» (либреттосу Н. Түгөловдуку) балети коюлууда. Ч. Айтматовдун повести б-ча жазылган К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясы респ-канын музыкалык турмушундагы ири жетишкендик болуп калды. Бул спектакль үчүн композитор К. Молдобасанов, балетмейстер У. Сарбагышев, Толгонайдын партиясын аткарган Р. Чокоева ж-а А. Токомбаева 1977-ж. СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан. Театр о. эле Н. Давлесовдун «Аста секин, колукту» (либреттосу Н. Байтемировдуку) музыкалык комедиясын койгон. Кыргыз либретточулары М. Ахунбаев, Р. Уразгильдиев, балетмейстерлер У. О. Сарбагышев ж-а композитор Ч. Нурымовдор биргелешип Улуу Ата Мек. согуш ж-догу «Өлбөстүк» балетин жаратышкан. «Алтын кыз» музыкалуу драмасынын негизинде В. А. Власов опера жазган. Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» повестинин сюжети б-ча В. А. Власовдун «Асел» балетинин (балетмейстери У. О. Сарбагышев) коюлушу респ-канын музыкалык турмушунда көрүнүктүү окуя болуп калды. М. П. Мусоргскийдин «Борис Годунов» операсынын коюлушу да кыйла мааниге ээ. Падыша Бористин партиясын Б. Мицкылыев аткарган. Улуттук иск-вону өнүктүрүүдө сицирген эмгеги үчүн дирижёр А. Жумакматовго ж-а ырчы Б. Мицкылыевге СССР эл артисти деген ардак наам ыйгарылган. Театрдын труппасында СССР эл артисттери А. Жумакматов, А. Мырзабаев, Б. Мицкылыев, К. Сартбаева, А. Токомбаева, Ч. Базарбаев; Кыргыз ССРинин эл артисттери К. Чодронов, С. Бекмуратова, Р. Чокоева, Т. Сейталиев, Х. Мухтаров, А. Жумабаев, А. Ырсалиев; Кыргыз ССРине эмгек сицирген артисттер А. Баетова, Б. Алимбаев, Э. Касымов ж. б. эмгектенет.

Кыргызстан мамл. академиялык драма театры азыркы учурдун актуалдуу маселелерин көтөргөн чыгармаларды коюуга айрыкча көңүл бөлөт. Респ-када театр өнөрүнүн өнүгүшүндө сахна чыгармачылыгына психологиялык терендик берген Ч. Айтматовдун чыгармаларын сахналаштыруу маанилүү орунда турат. Кыргыз драма театрында 1961-ж. «Бетме-бет» (сахналаштыргандар Е. Нурмуханов, Т. Дүйсебаев; режиссёру Ж. Абдыкадыров, сүрөтчүсү А. М. Торопов); 1964-ж. «Саманчынын жолу» (сахналаштырган Б. Львов-Анохин, режиссёру М. Назаралиев); 1965-ж. «Жамийла» (сахналаштырган К. Нурмуханов, режиссёру Ж. Абдыкадыров), «Биринчи мугалим» (сахналаштырган ж-а койгон Ж. Абдыкадыров), 1976-ж. «Фудзиямадагы кадыр түн» (пьесанын авторлору Ч. Айтматов ж-а К. Мухамеджанов, режиссёру М. Убукеев) спектаклдери коюлган. Нарын музыкалуу драма театрында «Кызыл жоолук жалжалым» (сахналаштырган А. Котельщиков, койгон Б. Ибраев), Ош кыргыз драма театрында Ч. Айтматовдун повести б-ча «Коммунист Танабай Бакасов» (сахналаштырган ж-а койгон А. Дыйканбаев, 1975), «Ак кеме» (сахналаштырган ж-а койгон И. Рыскулов, 1974) спектаклдери коюлган.

«Севильялык чач тарач» операсы. Дон Базилио — Б. Мицкылыев. 1966.





Ч. Нурымов. «Олбостук» балети. Сүйүү жана Өмүр — А. Токомбаева, Баатыр — А. Ырсалиев. 1972.

М. Байжиев өзүнүн драмаларында социалдык курч проблемаларды көтөрөт. «Балдар бойго жеткенде» пьесасында (1965) азыркы жаштардын ахлак-адептик проблемалары козголгон. «Эроол» пьесасы өлкөбүздүн ж-а чет өлкөлөрдүн көптөгөн театрларында коюлган. «Ар бир үйдө майрам» (1975-ж. орус драма театрында коюлган), «Байыркы жомок» (1976), «Кыз күйөө» (Кыргыз мамл. драма театры, 1979) пьесалары ийгиликтүү жүрүп жатат. 1960-ж. Кыргыз мамл. драма театрында Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» (режиссёру Ж. Абдыкадыров) пьесасы ийгиликтүү коюлган. Автор тагдырларына согуш так салган адамдардын мүнөздөрүн ж-а өз ара мамилелерин ачып берген. М. Рыскулов (Акылбек), Д. Күйүкова м-н С. Күмүшалиева (Оңолкан), И. Раимкулова (Жеңишбек) түзгөн психологиялык жактан ишенимдүү образдар спектаклди театрдын маанилүү этаптык ишине айландырды. Мындан тышкары Б. Жакиевдин «Алтын аяк» (1968), «Эртең жаңы жыл» (1976), «Күттүргөн жаз да келээр» (1981) пьесаларын коюу ишке ашкан. Азыркы адамдын коммунисттик аң-сезимин чыңдоодогу эмгектин ролун Б. Өмүралиев өзүнүн пьесаларында ачып берген. Анын «Ата сөзү — ар намыс» аттуу пьесасы (Кыргыз мамл. драма театры, 1963) жаш муундарды тарбиялоого арналган. «Унутулгус күндөр» (Кыргыз мамл. драма театры, 1966), «Мен билем, тоолор билет» (Нарын музыкалык драма театры, 1966), «Жаңырык» (Ош кыргыз драма театры, 1972) «Колчубектин көйрөсү» (Нарын музыкалуу драма театры, 1978) пьесалары да көрсөтүлүүдө.

М. Тойбаевдин адеп-ахлак проблемаларын козгогон «Жаңы келин», «Талаа гүлдөрү», «Ак жол» пьесалары респ-каның театрларында ж-а андан сырткары жерлерде да коюлууда. Ж. Садыковдун Т. Жукеев ж-дөгү «Жукеев-Пудовкин» (Кыргыз мамл. драма театры, 1966), Тоголок Молдо ж-дөгү «Боз торгой» (Нарын музыкалуу драма театры, 1970), эл куудулу Шаршен ж-дөгү «Күйөө жолдош» (Кыргыз мамл. драма театры, 1970) пьесалары кеңири белгилүү. Анын «Манастын уулу Семетейи» (Кыргыз мамл. драма театры, 1982) да ийгиликтүү коюлуп жатат. Кыргыз драма театрында А. Дыйканбаевдин гуманизм темасын козгогон «Мүрөктүн суусу», Ш. Садыбакасовдун кыргыз элинин чет элдик баскынчылар м-н болгон күрөшүн чагылдырган «Ак боз ат» (1972) пьесалары ийгиликтүү коюлган. Т. Абдумомуновдун 1964-ж. Кыргыз мамл. драма театрында коюлган «Абийир кечирбейт» пьесасы өлкөбүздүн көптөгөн театрларынын репертуарына кирген. Азыркы учурга арналган «Каркылдар кайтканда», «Жыгылган оогонго күлөт», «Таалай гүлдөстөсү», «Маника», «Кадырлаштар» ж. б. пьесалары коюлууда.




У. Шекспир. «Король Лир». Король Лир — М. Рыскулов. 1963.

М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» драмасынан көрүнүш. 20-жылдардын алгы.




Театрдын репертуары орус ж-а чет элдик классика м-н да толукталууда. А. С. Грибоедовдун «Акылдын азабы», И. Ф. Поповдун «Үй-бүлө» спектаклдеринин коюлушу респ-каның театр турмушундагы чоң окуялардан болгон. Чет элдик көтөрмө драматургияны (М. Каору, «Уурдалган өмүр»; Н. Хикмет, «Унутулган адам»; К. Чапек, «Эне»; Г. Фигейредо, «Эзоп»; Г. Лорка, «Бернарда Альбанын үйү») ж-а өзгөчө СССР элдеринин маданияттарынын өз ара байланышына көмөк көрсөтүүчү боордош элдердин драматургиясын (М. Карим, «Ай тутулган түндө», А. Б. Макаёнок, «Трибунал») коюу чыгармачылыктын жаңы чектерин белгиледи.

Көрүүчүлөр арасында Муратбек Рыскулов атн. Нарын обл. музыкалуу драма театры кеңири белгилүү. Ал 1958-ж. Ташкен көркөм өнөр-театр ин-тунун бүтүрүүчүлөрүнөн ж-а өздүк көркөм чыгармачылык коллективдердин катышуучуларынан кайрадан уюшулган. Театр көрүүчүлөрө пьесалардан тышкары концерттик программаларды да тартуулайт. Театр сахнасында К. Жантошевдин «Курманбек», Ч. Айтматовдун повести б-ча «Кызыл жоолук жалжалым», В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедия», М. Каримдин «Ай тутулган түндө», У. Шекспирдин «Отелло», У. Гажибековдун «Аршин мал




Г. Айтиев «Мөлтүр көл». 1969. КМСМ. Ж. Жумабаев «Ойгонуу». 1969. КМСМ.







К. Керимбеков. «Көгүлтүр Ысык-Көл». 1971. КМСМ.
А. Осмонов. «Нан дүкөнүндө». 1939. КМСМ.



1



2

3



Сүрөт өнөрү. 1. А. И. Игнатьев. «Нарын дарыясындагы асма көпүрө». 1971. КМСМ. **2.** А. Б. Асранкулов. «Ийикчи». 1979. КМСМ. **3.** А. Даиров. «Маман талаасы». 1970. КМСМ.



1



2




3



4





5




6

Скульптура. 1. Т. Садыков. «Элечекчен аял». 1967. КМСМ. 2. А. Мухутдинов. «Чабан». 1965. КМСМ. 3. З. А. Хабибулин. «Бийикте иштөөчү». 1969. КМСМ. 4. С. Бакашев. «Ийикчи». 1977. КМСМ. 5. В. А. Шестопал. «Толкун менен жарышып». 1974—75. КМСМ. 6. О. Мануйлова. «Фронтко жардам». 1941. КМСМ.







Кыргыз мамлекеттик Ленин орденду академиялык опера жана балет театры. Арх. А. Лабуренко. 1955.
Кыргыз мамлекеттик драма театры. Арх. Ф. Евсеев, М. Евсеева. 1970.




1



2



3



4



5



6


Театр. 1. Кыргыз искусство чеберлеринин концерти. 2. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Айчүрөк» операсы. Айчүрөк — СССР эл арт. С. Кийизбаева. 3. «Боз үй» бийи. 4. К. Молдобасанов. «Саманчынын жолу». Толгонай — А. Токомбаева, Субанкул — В. Салимбаев. 5. Ш. Гуно. «Фауст» операсынан көрүнүш. 6. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Манас» операсы. Манас — Б. Миңжылкыев.



1



2




3

4




Театр жана филармония. 1. К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясынан көрүнүш. 2. Көркөм жетекчиси Ч. Кажомжаров-Кыргыз эстрадалык ансамбли концерт учурунда. 3. СССР эл арт. М. Рыскулов У. Шекспирдин «Король Лир» спектаклинде король Лирдин ролунда. 4. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Токтогул» операсы. Токтогул — СССР эл арт. А. Мырзабаев.



1



2



3



4

Театрлаштырылган майрамдык салтанат (1, 4). Соңкелдөгү малчылардын майрамы (2, 3).



Кыргыз ССР эл артисти В. Ф. Казаков В. И. Ленындын ролунда. 1958.

алан», Ж. Садыковдун «Жукеев-Пудовкин», Н. Давлесовдун «Аста секин, колукту» спектакльдери коюлган. Театр ишине актёрлор А. Жанкорозова, К. Медетбеков, Б. Алиев, С. Андабеков, С. Чечейбаева, Т. Жумакаева, Д. Сариев,

А. Куттубаев, С. Сатыбалдиева, С. Комочов; режиссёрлор М. Назаралиев, Б. Ибраев, Э. Токтогулов, Р. Кемпирбаев; сүротчүлөр С. Тобоев, А. Абдраев; музыкалык жетекчи Ж. Шералиев чоң салым кошушкан. 1972-ж. уюшулган Ош обл. кыргыз драма театрынын жаңы коллективи да коруучулордун кеңири чойросуно белгилүү. Коллективдин негизин Луначарский атн. ГИТИСтин кыргыз студиясын бүтүргөндөр (жетекчиси И. М. Раевский) түзөт. Бул театрдын репертуарына азыркы актёрлордун окуп жүргөн мезгилде даярдалган А. М. Горькийдин «Акыркылар», Ж. Б. Мольердин «Дворяндыкка жеткен конос», К. Симоновдун «Биздин шаардын жигити», А. П. Чеховдун «Ак чардак», А. Дыйканбаевдин «Мүрөктүн суусу» спектакльдери кирген. К. Жантошевдин «Курманбек», Б. Өмүралиевдин «Жаңырык», Т. Абдумомуновдун «Эч кимге айтпа», М. Горькийдин «Түпкүрдө», Н. Островскийдин «Болот каптин курчуду» романы б-ча «Павел Корчагин», М. Гапаровдун «Кадыр түн», Г. Гориндин «Герострагтын аты өчсүн» ж. б. пьесалар жаңыдан коюлган. Театрдын башкы режиссёру Кыргыз ССРинин искусуна эмгек сиңирген ишмери И. М. Рыскулов, сүротчүсү А. Конушбаев. Коллективде Кыргыз ССРинин



Драматург Т. Абдумомунов Кыргыз драма театрынын артисттеринин арасында. 1981.

эмгек сиңирген артисттери А. Абдыкалыков, М. Алышбаев, Д. Байтобөтов, Г. Канметова, Н. Мамбетова ж. б. иштешет. 1978-ж. театр Ч. Айтматовдун повести б-ча «Ак кеме», М. Горькийдин «Түпкүрдө», М. Байжиевдин «Байыркы жомок», Б. Жакиевдин «Эртең жаңы жыл», Н. Думбадзенин «Кам сапаба, апаке» спектакльдери м-н Москвадагы гастролду ийгиликтүү өткөрүшкөн.

Н. К. Крупская атн. Орус мамл. драма театрынын коллективинде дүйнөлүк, орус ж-а сов. классиканын эң мыкты чыгармаларын коюу мурдатан эле салт болуп келген (А. Корнейчук, «Платон Кречет», «Эскадранын кыйрашы»; Ф. Шиллер, «Жүзүкаралык жана сүйүү»; А. Островский, «Добул»; М. Горький, «Мещандар» ж. б.).

Театрда коюлган И. Поповдун «Үй-бүлө», Н. Погодиндин «Кремль куранттары», «Үчүнчү патетикалык», Б. Шатровдун «Революциянын атынан» спектакльдеринде ленинидик тематика чагылдырылган. Ленинидин ролун Кыргыз ССР эл артисти В. Ф. Казаков аткарган. Театр сахнасында кыргыз авторлору К. Эшмамбетовдун «Саринжи», Т. Абдумомуновдун «Абийир кечирбейт», Ч. Айтматовдун повести б-ча «Кызыл жоолук жалжалым», Б. Өмүралиевдин «Мен билем, тоолор билет» пьесалары коюлган. 60-жылдары театр азыркы учурдун тематикасындагы пьесаларга кайрылган (В. Розов, «Кубаныч изден», «Жолуңар ачылсын», «Кечтен таңга чейин», «Төрт тамчы», И. Дворецкий, «Чакырылган адам», Э. Брагинский м-н Э. Рязанов, «Кесиптештер»; В. Шукшин, «Кайраттуу адамдар»; А. Гельман, «Биз, томондо кол койгондор»; А. Вампилов, «Элеттик анекдоттор» ж. б.). Н. К. Крупская атн. мамл. Орус драма театрынын коруңуктүү сахна чеберлери — Кыргыз ССР эл артисттери А. Ф. Кулешов, В. Ф. Казаков, Л. Л. Ясиновский, В. С. Офицеров, Г. Г. Каркоцкий, Н. К. Ангаров, Г. А. Варнавских, М. С. Стряпкина, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери А. М. Крамер, Э. И. Праг, Г. И. Соловьёв, С. К. Кочеев, Л. А. Пыхова ж. б. Коллективдин чыгармачылык изденүүлөрү Г. Дрознес, Н. Свистунов, В. Молчанов, В. Васильев, Т. Иванов





Кыргыз театрларынын афишалары.

ж. б. режиссёрлордун, П. Егоров, М. Сыдыкбаев, И. Белевич, Г. Белкин ж. б. суротчулордун ысымдары м-н тыгыз байланыштуу.

Ош өзбек музыкалуу драма театрында К. Яшендин «Эки коммунист», К. Гоцциний «Турандот каныша», К. Гольдониний «Эки мырзанын малайы», Хамзанын «Бай жана батрак», «Майсаранын жоруктары», И. Акрамовдун «Адолат», Г. Гуламдын «Ташбалта ашык», К. Маликовдун «Бийик жерде», К. Жантөшевдин «Эл ырчысы», Ч. Айтматовдун повести б-ча «Саманчынын жолу», М. Тойбаевдин «Жацы келин», А. Абдугафаровдун «Өкүнүч», «Сарандык», А. Островскийдин «Добул», Б. Шатровдун «Революциянын атынан» ж. б. пьесалар коюлган. Театрдын чыгармачылык ишине Кыргыз ССР эл артисттери А. Тарак, Т. Хасанова, А. Мандова, Р. Муминова, Т. Салиева, Н. Нематов, Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артисттер Х. Хасанов, Г. Бутаев, Ш. Токтасинов, М. Расулжанова, А. Шабданова, режиссёрлор Ф. А. Литвинская, С. Юлдашев, Э. Мурадов, С. Умаров ж. б. салым кошушкан.

Жети профессионал театрдан тышкары 80-жылдардын башында респ-када 24 элдик театр, миңден ашуун өз демилгелүү көркөм чыгармачылык коллективдери иштеп турган. Алар өз сахналарында сов. ж-а чет элдик драматургиянын чыгармаларын коюуда.

А. Жукушев

КИНЕМАТОГРАФИЯ

Совет бийлиги орногонго чейин Кыргызстан б-ча Пишпекте гана жалгыз киноустановка болгон. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып кино тармагы түзүлүп, респ-канын шаар-кыштактарында кинотеатрлар курула баштаган. 1939-ж. Кыргыз ССР эл комиссарлар Совети Фрунзеде Ташкен союзкинохроника студиясынын корреспонденттик пунктуи ачуу ж-дө токтом кабыл алган. Ошол жылдан «Советтик Кыргызстан» киножурналы чыга баштаган. Аны түзүүгө Б. Вейланд, З. Василенко, В. Усова, В. Шарипов, М. Каюмов, А. Рахимов ж. б. режиссёрлор активдүү катышкан. 1942-ж. корреспонденттик пункттун базасында Фрунзе кинохроника студиясы уюшулган. Хроника фильмдерди тартууга И. Колсанов, Г. Николаев, Д. Эрдман, М. Варейкис ж. б. катышкан. Алгачкы маанилүү хроника фильмдер: «Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш күндөрүндө» (1944), «Советтик Кыргызстан» (1947), «Достук чокусу» (1953), «Суусамыр өрөөнүндө» (1954), «Ак жол» (1956), «Алар Тянь-Шанда төролгон» (1957) ж. б. Алгачкы «Салтанат» көркөм фильми (1955, режиссёр В. Пронин) «Мосфильм» киностудиясы м-н биргелешип коюлган.

1956-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому б-ча Фрунзедеги хроника-документ фильмдердин киностудиясы документ-көркөм фильмдердин киностудиясы болуп кайра түзүлгөн. Ал жылдары «Менин жацылыштыгым» (1957, режиссёр И. Кобызев), «Алыскы тоолордо» (1958, режиссёр А. Карпов), «Муз жүрөк жөнүндө баян» (1958, режиссёрлору А. Сахаров, Э. Шенгелая), «Чолпон — таңкы жылдыз» кино-балети (1959, режиссёр



Режиссёр Т. Океев кино тартуу учурунда. 1977.

Р. Тихомиров), «Тянь-Шань кызы» (1959, режиссёр А. Очкин), «Токтогул» (1960, режиссёр В. Немоляев) фильмдери коюлган. Улуттук адабиятка кайрылуу Кыргыз кинематографиясында маанилүү көрүнүш болуп калды. Мында Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы айрыкча роль ойноду. Анын чыгармалары ж-а сценарийлери б-ча «Ашуу» (1961, режиссёр А. Сахаров), «Антан» (1962, режиссёр Л. Шепитько), «Космонавттар кочосу» (1963, М. Рошаль), «Биринчи мугалим» (1965, режиссёр А. Михалков-Кончаловский) ж. б. фильмдер тартылган. 60-жылдардын ортосу кыргыз улуттук кино өнөрүнүн дүркүрөп өсүшүнүн башталышы болду. Бул жылдары ВГИКтин ж-а Жогорку режиссёрдук курстун бүтүрүүчүлөрү М. Убукеев, Т. Океев, Б. Шамшиев, Г. Базаров ж. б. алгачкы чыгармаларын жаратышкан. Эл м-н кошо 1916-ж. козголондо Кытайга качып, кайрадан граждандык согуш м-н рев-ялын оту жалындап турган Ата Мекенине кайтып келаткан баланын тагдырына арналган «Тайгак кечүү» (1964, режиссёр М. Убукеев) фильми — улуттук режиссуранын алгачкы кино чыгармасы. Фильм О. Азия респ-каларынын ж-а Казакстандын кинофестивалында (1965, Алматы) режиссёрдук, операторлук ишинин ж-а эң мыкты музыкалык чечилиши үчүн 1-даражадагы диплом м-н сыйланган.

Триестте болуп өткөн кинофестивалда (1969) «Алтын пальма бутагы» сыйлыгына татыктуу болгон «Бакайдын жайлыгы» (1966) аттуу алгачкы фильми м-н Т. Океев өзүн реалистче терең ой жүгүртөкөн сүрөткер катары көрсөттү. Бул поэтикалык фильм аталар конушу, ошол аркылуу башкы каарман — балага дүйнөнүн ачылышын көрсөтөт. Жацылыктар турмуштан улам көбүрөөк орун алып жатканы, жылкычылардын кулк-мүнөздөрү ж-а жашоо тиричиликтин эски формалары жацысы м-н кадиксиз түрдө алмаша берээри тууралуу баяндоо м-н режиссёр бала чактан калган элестерди түбөлүк эсте сактоого, өнүп өскөн эл жеринин тарыхындагы жакшы салттарды урматтоого чакырат. Т. Океев коллективдештирүү мезгилинде эски м-н жацынын ортосундагы кагылышты курч драмалуу чагылдырган «Уркуя» фильмин 1972-ж. тарткан. Андан кийинки М. Ауэзовдун ацгемеси б-ча тарткан «Кок серек» (1973) фильми — бала колго үйрөткөн болтурүктүн окуясы таш боордукту жеңүүгө болору же болбостугу, анын булагы тууралуу моралдык ибарат. Фильм 1974-ж. Боливияда болуп өткөн Эл аралык кинофестивалда «Күмүш лента» байгесине татыктуу болгон. Ч. Айтматовдун «Кызыл алма» ацгемеси б-ча тартылган фильминде (1975-ж. Локарнодо өткөн кинофильмдердин эл аралык фестивалында Ардак диплом) режиссёр турмушта, сүйүүдө, чыгармачылыкта адеп-ахлактык идеалга умтулууну көрсөтүп, кыргыз киносунда биринчи жолу улуттук интеллигенциянын өкүлүн баш каарман кылган.

Б. Шамшиев чыгармачылыгында турмуштагы драмалык карама-каршылыктарды ачып берүүгө кайрылган. «Караш-Караш окуясы» аттуу тарыхый-рев-ялык фильми (1968, М. Ауэзовдун повести б-ча) окуясынын курчтугу, режиссёрдук ой жүгүртүүнүн жацылыгы, каармандарынын психологиялык мүнөздөмөсүнүн тактыгы ж-а мыкты чеберчиликте тартылгандыгы м-н айырмаланат. Фильмде өз байына кол көтөрүп, адегенде адилеттикти









Кыргыз кинофильмдеринен кадрлар: 1. «Биринчи мугалим». Дүйшөн — Б. Бейшеналиев. 2. «Саманчынын жолу». Толгонай — Б. Кыдыкеева. 3. «Ак куулар конгон айдык көл». Жамал — С. Кумушалиева. 4. «Касиеттүү Ысык-Көл». Карабалта — С. Чокморов.

бийлик өзөрлөнөн издеп, бирок акырындык м-н өзүмчүлдүк окум сүргөн дүйнөнүн закондоруна түшүнө баштаган кедей тууралуу баяндалат. Бул каармандын образы аркылуу Б. Шамшиев элдин трагедиясын ачык берүү м-н элдик жек көрүү жетилип келатканын көрсөтөт. Бул темаңы режиссёр «Касиеттүү Ысык-Көл» (1971, Страсбургдагы Эл аралык 3-кинофестивалда атайын сыйлык) фильминде уланткан. Фильмдин контрабандачылар м-н күрөш жүргүзгөн башкы каарманы чек арачы Карабалта рев-ялын ишине берилгендиги, өз элинин бактысы үчүн аягына чейин күрөшкө даяр тургандыгы м-н өзгочолонот. Кийинки «Ак кеме» фильминде режиссёр Ч. Айтматовдун повестине (1975, Фрунзеде Бүткүл союздук 9-кинофестивалда Чоң байге) кайрылган. Жакшылык м-н жамандыктын түбөлүктүү проблемасын экранга алып чыгуу м-н Ч. Айтматов сыяктуу эле фильмдин түзүүчүлөрү да адамдагы асыл сапаттар өз мааниси эч качан жоготпой тургандыгын ырастайт. Бул фильм үчүн режиссёр Б. Шамшиевге, сценарийинин авторлору Ч. Айтматовго ж-а Б. Шамшиевге, оператору М. Мусаевге СССР мамл. сыйлыгы (1977) ыйгарылган.

1967-ж. Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» аттуу повестин экрандаштырган жаш режиссёр Г. Базаров бул чыгарманын поэтикалык маанайын, ынанымдуулугун сактап калууга жетишкен (1968-ж. О. Азия респ-калары м-н Казакстан кинофестивалында атайын диплом).

70-жылдары кыргыз киносу азыркы турмуш темасына активдүү кайрылат. Совет адамынын эмгегин ж-а эрдигин, ички бай дүйнөсүн чагылдыруурга, биздин коомдун идеялык ж-а адеп-ахлактык баалуулугун, сов. турмуш образын бекемдөөгө айрыкча көңүл бурган КПСС БКнын 1972-ж. 2-августтагы «Советтик кинематографияны мындан ары өнүктүрүү чаралары жөнүндөгү» токтому кыргыз кинематографиясынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Бул жылдары Г. Базаровдун «Кочо» (1972) ж-а «Көз кареги» (1976), Ю. Борецкийдин «Шаркыратма» (1974), Ү. Ибрагимовдун «Таштагы жылмаюу» (1974), Т. Океевдин «Улан» (1977), Ж. Сооданбектин «Процесс» (1979) фильмдери тартылган.

Кыргыз документ кинематографиясы да кыйла ийгиликтерге жетишти. Респ-канын документалисттери бир катар кызыктуу фильм-портреттерди жаратышты: «Чабан» (1966, режиссёр Б. Шамшиев, 1968-ж. Ленинградда Бүткүл союздук кинофестивалда мыкты документ фильм үчүн диплом) Соц. Эмг. Баатыры, чабан Р. Сартбаевдин чексиз күч-кайратты талап кылган түйшүктүү эмгеги ж-дө; «Манасчы» (1965, режиссёр Б. Шамшиев) улуу манасчы С. Каралаев ж-дө (1966-ж. Оберхаузендеги



Режиссёр Б. Шамшиев кино тартуу учурунда. 1975.

ги Эл аралык фестивалда Чоң байге); «Кыял» (1967, режиссёр Ш. Апылов) элдик чеберлердин өнөрү ж-дө; «Почта» (1972, режиссёр Б. Абдылдаев, кыска метраждуу фильмдердин Лейпцигдеги Эл аралык фестивалында «Күмүш когүчкөн» байгеси, 1972) Соц. Эмг. Баатыры, почтальон К. Токолдошов ж-дө; «Чынгыз Айтматов» (1968, режиссёр И. Г. Герштейн, эки дипломго татыктуу болгон, 1969, Алматы); «Мурас» (1969, режиссёр Т. Океев, Бүткүл союздук фестивалда операторлук чеберчилик үчүн байге, 1970, Минск); «Дүйшөндүн көпүросу» (1971, режиссёр Г. Дегальцев, Краковдогу фестивалда «Вавелдин алтын ажыдаары» байгеси, 1973); «Жер кызы» (1974, режиссёр Б. Абдылдаев) — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры, кызылчачы З. Кайназарова ж-дө; «Отто Барч» (1975, режиссёр К. Абдыкулов) — Олимпия оюндарында бир нече жолу байгелүү орун ээлеген дүйнөго таанымал жоо күлүк Отто Барч ж-дө.

Тунук сезимге ж-а поэзияга жык толгон «Кумдагы сепилдер» фильми режиссёр А. Видугиристи белгилүү кылды (1968-ж. Краков ш-ндагы Эл аралык кинофестивалда «Вавелдин алтын ажыдаары» байгесин, Тегерандагы Эл аралык кинофестивалда «Алтын статуэтка» байгесин алган). А. Видугирис түзгөн фильмдердин циклн Токтогул ГЭСинин курулушу ж-дө баяндайт: «Боогоо» (1966), «Нарын күндөлүгү» (1971; Бүткүл союздук 5-кинофестивалда биринчи байге, Тбилиси, 1972; Гренобльдеги Эл аралык кинофестивалда Гран при байгеси, 1974); «Токтогул дөцизи, биринчи күн» (1974), «Күндүн тынчы кеткен жыл» (1976).


1975—80-ж. тартылган документ фильмдер: «Кыргызстандын өкүлдөрү КПССтин 25-съездинде» (1976, режиссёр Б. Абдылдаев); «Алай берметтери» (1977, режиссёр И. Кокоев); «Тынчсыздануу» (1975, режиссёр К. Кыдыралиев); «Пишпек большевиктери» (1977), «Бакен Кыдыкеева» (1977, режиссёр Л. Турусбекова); «Эмне үчүн сыйлык?» (1976), «Чабандар» (1977), «Торт портрет» (1979, режиссёр И. Герштейн); «Таяныч» (1978, режиссёр Ж. Рахматулин); «Айдыц» (1975, режиссёр Н. Борбиев); «Ласло Месарош» (1976), «Жорго» (1980, режиссёр К. Абдыкулов); толук метраждуу фильм «Чыцгыз Айтматов» (1980, режиссёрлор К. Орозалиев, В. Виленский).

Проблемасы ж-а көркөм децгээли ар түрдүү бул фильмдерде турмуштук материалдарга жацыча мамиле кылууга аракет байкалат. Жаш кинематографисттер Ж. Сооданбектин «Кылымдардын түнкүрүнөн» (1977), «Булактар» (1975), К. Акматалиевдин «Биздин генерал» (1974), Т. Раззаковдун «Кыргызстандын модалары» (1978), А. Жамгырчиновдун «Илим — мал чарбасына» (1979), С. Жапаровдун «Адам жана мезгил» (1979), А. Сүйүндүковдун «Эгер сен комсомол болсоң» (1975), «Борбордун майрамы» (1979) ж. б. иштери көрүнүктүү окуялардан болуп калды.

1977-ж. 16-февралда «Кыргызфильмдин» мультипликация тобу уюшулуп, анда «Сандардын чатагы» (1977), «Олокон», «Меке чал менен Кара доо» (1979), «Эки бо-

жок» (1980), «Саймалуу жомок» (1981), «Падыша жана сүротчү» (1982) мультфильмдери тартылган. 1974-жылдан сатиралык «Короголч» киножурналы жылына 4 жолу чыгып турат. Кыргыз ССРинин телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитетине карапгуу «Кыргызтелефильм» студиясында көркөм ж-а документ, кыска метраждуу фильмдер тартылат. Кыргыз киносунун өнүгүшүнө сценарийчилер Ч. Айтматов, К. Өмүркулов, Э. Борбиев, М. Байжиев, М. Гапаров, режиссёрлор Т. Океев, Б. Шамшиев, М. Убукеев, Г. Базаров, А. Видугирис, Б. Абдылдаев, У. Ибрагимов, Л. Турусбекова, И. Герштейн, В. Пронин, М. Рошаль, Л. Шепитько, Ж. Сооданбек, К. Акматалиев ж-а художниктер С. Итенов, Ж. Жумабаев ж. б. зор салымдарын кошушкан. К. Кыдыралиев, М. Туратбеков, Н. Борбиев, М. Мусаев, К. Орозалиев, В. Виленский ж. б. сыяктуу сүроттоо маданияты жогору, таланттуу кыргыз кинооператорлор тобу өсүп чыкты. Кыргыз иск-восунда М. Рыскулов, Б. Бейшеналиев, Б. Кыдыкеева, Д. Күйүкова, А. Жанкорозова, С. Чокморов, С. Жумадылов, С. Күмүшалиева, Ж. Сейдахматова, Т. Турсунбаева, О. Кутманалиев өцдүү коруңуктуу актёрлордун чыгармачылыгы айырмаланып турат. Алар кинодо пукура улуттук, таасын образдарды жаратышкан. «Кыргызфильм» чыгарган түрдүү жанрдагы 20дан ашуун кино бүткүл союздук ж-а эл аралык кинофестивалдарда диплом ж-а байгелерге татыктуу болуп, дүйн. масштабга чейин таанымал.

1981-ж. 1-октябрдан 10-октябрга чейин Фрунзе ш-нда Спорттук фильмдердин бүткүл союздук 8-фестивалы



Бүткүл союздук 9-кинофестивалдын «Ак кеме» кинофильми үчүн ыйгарылган Чоң байгеси кыргыз кинематографисттеринде. 1976.

болуп өттү. Москвадагы 22-Олимпия оюндарында кыргызстандык спортсмендердин ири ийгиликтерге жетиши фестивалдын биздин респ-канын борборунда өтүүсүнө негиз болгон. Фрунзедеги фестивалдын конкурстук программасына 83 көркөм, документ, илимий популярдуу фильмдер кирген. Баш байге «О спорт, сен тынчтыксыцI» (режиссёрлор Ю. Озеров, Б. Рычков) фильмине ыйгарылган, күмүш байге «Ааламдын сегизинчи укмушу» (режиссёр С. Самсонов), коло байге — «Россиянын аппак кары» (режиссёр Ю. Вышинский) фильмдерине берилген. Бүткүл союздук кинофестивал жүрүп жаткан учурунда шаардын стадиондорунда, бассейндеринде, спорт дворецтеринде массалык спорт мелдештери, спортсмендердин көрсөтмө оюндары, өлкөнүн алдыцкы спортсмендери м-н фрунзеликтердин жолугушуулары откорүлүп турду.

«Кыргызфильм» студиясынын көркөм фильмдери

Тартылган жылы	Фильмдин аты	Режиссёру	Байгеси
1	2	3	4
		Толук метраждуу фильмдер	
1955	Салтанат	В. Пронин	
1957	Менин жацылыштыгым	И. Кобызев	
1958	Алыскы тоолордо	А. Карпов	
1959	Чолпон— тацкы жылдыз	Р. Тихомиров	
	Тинь-Шань кызы	А. Очкин	
1960	Токтогул	В. Немолаев	
	Муз жүрөк жонундо бани	А. Сахаров, Э. Шенгелая	
1961	Ашуу	А. Сахаров	
1962	Антан	Л. Шепитько	Карловы-Варидеги Эл аралык кинофестивалдын Гран при байгеси (ЧССР, 1964); Франкфурт-на-Майнедеги Эл аралык кинофестивалда Гран при байгеси (ГФР, 1965); Бүткүл союздук 2-кинофестивалда мыкты режиссурасы үчүн диплом (Ленинград ш., 1964); чыгармачылык мыкты дебюту үчүн актёрлор Б. Шамшиевге, К. Юсупжановага диплом.
1963	Космонавттар кочосу	М. Рошаль	
1964	Жоро	А. Бергункер	
	Тайгак кечүү (Ак тоолор)	М. Убукеев	О. Азия респ-каларынын ж-а Казакстандын кинофестивалында 1-даражадагы диплом (Алматы ш., 1965).
1965	Биринчи мугалим	А. Михалков-Кончаловский	Бүткүл союздук 3-кинофестивалда «Советский экран» журналынын атайын байгеси (Киев ш., 1966).
	Ар кимдин өз жолу бар	М. Ковалёв	
1966	Тил алчаак	Б. Абдылдаев, Л. Гуревич	
	Бакайдын жайлыты	Т. Океев	1-даражадагы диплом ж-а «Чоң тоо хрусталы» баш байгеси (Дүйшөмбү ш., 1968); режиссёр Т. Океевге байге (Ленинград ш., 1968); Франкфурт-на-Майнедеги Эл аралык кинофестивалдын Ардак диплому (ГФР, 1968); Триесттеги Эл аралык кинофестивалда «Алтын алын бутагы» байгеси (Италия, 1969).
1967	Саманчынын жолу	Г. Базаров	О. Азия респ-каларынын ж-а Казакстандын кинофестивалында реж. көөнүчү Г. Базаровго диплом (Фрунзе ш., 1968).
1968	Караш-Караш окуясы	Б. Шамшиев	О. Азия респ-каларынын ж-а Казакстандын кинематографисттеринин 8-кароо-мелдешинде «Тоо бүркүтү» байгеси ж-а 1-даражадагы диплом (Алматы ш., 1970); Эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн С. Чокморовго диплом; 4-бүткүл союздук кинофестивалдын 2-байгеси (Минск ш., 1970).
1969	Бүктурма	Г. Базаров	
	Сыйынуу	Г. Базаров	
	Тыным	Г. Базаров	
1971	Каснеттүү Ысык-Көл	Б. Шамшиев	Бүткүл союздук 5-кинофестивалда С. Чокморовго эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн диплом ж-а сыйлык (Тбилиси ш., 1972); Страсбургдагы эл аралык кинофестивалдын атайын сыйлыгы (Франция, 1973).
1972	Уркуя	Т. Океев	
	Кочо	Г. Базаров	Эл аралык кинофестивалда «Алтын пальма бутагы» байгеси (Италия, 1972); С. Чокморовго эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн байге; режиссёр Т. Океевге, оператор К. Кыдыралиевге Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы (1974).
	Эски тегирмен	У. Ибрагимов	
1973	Өспүрүмдөр (Ак куулар конгон айдың көл)	Ю. Борецкий	
1974	Шаркыратма	Ю. Борецкий	Бүткүл союздук 7-кинофестивалда эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн актёр Ч. Думанаевге экинчи сыйлык (Баку ш., 1974).
	Көк серек	Т. Океев	Эл аралык кинофестивалда «Күмүш лента» байгеси (Боливия, 1974).
	Таштагы жылмаюу	У. Ибрагимов	
	Сүйүү жацыргы	Б. Шамшиев	
1975	Кызыл алма	Т. Океев	Локарно ш-ндагы Эл аралык 28-кинофестивалда Ардак диплом (Швейцария, 1975).
	Кара-Кийик жолу	У. Ибрагимов	
	Ак кеме	Б. Шамшиев	Бүткүл союздук 9-кинофестивалда Чоң байге (Фрунзе ш., 1976); Таранто ш-ндагы Эл аралык кинофестивалда «Алтын алын рододендрон» Гран приси (Италия, 1977), сценарийдин автору Ч. Айтматов, сценарийдин автору ж-а режиссёру Б. Шамшиев, оператор көөчү М. Мусаев СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан (1977).
1976	Коз кареги	Г. Базаров	
1977	Улак	Т. Океев	Бүткүл союздук 11-кинофестивалда эң мыкты режиссёрдук иши үчүн режиссёр Т. Океевге, эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн С. Чокморовго байге (Ереван ш., 1977).
1978	Айсулуунун талапсы	У. Ибрагимов	
	Канымбек	Г. Базаров	
	Эл арасында	Б. Шамшиев, А. Сүйүндүков	
1979	Эрте жаздагы түрналар	Б. Шамшиев	Бүткүл союздук 13-кинофестивалдын баш байгеси (Дүйшөмбү ш., 1980).
	Аманат («Күн» деген сөз кантип жазылат)	У. Ибрагимов	

1	2	3	4
1980	Процесс	Ж. Сооданбек	
1981	Алтын күз	Т. Океев	
	Өчпөй эркектер	А. Видугирис	Дамаск ш-ндагы Эл аралык кинофестивалда «Күмүш кылыч» байгеси (Сирия, 1981).
	Кырчын өмүр, кыйылган сүйүү	М. Убукеев	
1982	Он үчүнчү небере	К. Акматалиев	
	Кыздын сыры	Ж. Сооданбек	
	Кыска метраждуу фильмдер		
1970	Бул бактысыздык эмес	А. Видугирис	Кыска метраждуу фильмдердин Краковдогу Эл аралык 1-фестивалында Ардак диплом (Польша, 1972).
1973	Бурма	Ж. Сооданбек	
1975	Адам, доңголок жана Чынар жонунда баян	А. Видугирис	
1976	Мен акылдашуум керек	К. Акматалиев	
	Сынайчы	Т. Раззаков	
1977	Күнөстүү арал	К. Акматалиев	

«Кыргызфильмдин» байгеге татыктуу болгон документ фильмдери

Тартылган жылы	Фильмдин аты	Режиссёру	Байгенин аты
1963	М. В. Фрунзе жонунда ангеме		Бүткүл союздук 2-кинофестивалдын атайын байгеси (Ленинград ш., 1964); О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын 1-даражадагы диплому (Ашхабад ш., 1964).
1964	Алмашуу	И. Герштейн	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын 1-даражадагы диплому (Алматы ш., 1965).
	Гиппократтын анты	И. Горелик	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын 1-даражадагы диплому (Алматы ш., 1965).
1965	Жылкылар	Т. Океев	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалында мыкты режиссёрдук иши үчүн Т. Океевге диплом (Ашхабад ш., 1966).
	Манасчы	Б. Шамшиев	Кыска метраждуу фильмдердин Оберхаузен ш-ндагы Эл аралык 12-кинофестивалынын Чоң байгеси (ГФР, 1966); О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын 1-даражадагы диплому (Алматы ш., 1965).
1966	Чабан	Б. Шамшиев	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын 1-даражадагы диплому ж-а «Тоо хрусталы» байгеси (Ашхабад ш., 1966); Бүткүл союздук 3-кинофестивалдын диплому (Ленинград ш., 1968).
1967	Кумдагы сепилдер	А. Видугирис	Балдар фильмдеринин Тегеран ш-ндагы Эл аралык 3-кинофестивалынын «Алтын статуэткa» байгеси (Иран, 1968); Кыска метраждуу фильмдердин Краков ш-ндагы Эл аралык 5-кинофестивалынын «Вавелдин алтын ажыдаары» Чоң байгеси (Польша, 1968).
	Бак	Б. Абдылдаев	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалында мыкты режиссёрдук иши үчүн диплом (Фрунзе, 1968).
	Кыял	Ш. Апылов	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын 7-кинофестивалынын диплому (Фрунзе ш., 1968); Флоренция ш-ндагы Эл аралык кинофестивалдын Ардак диплому (Италия, 1968).
1968	Вахта	А. Видугирис	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын 8-кинофестивалынын 1-даражадагы диплому ж-а «Тулпар» байгеси (Алматы ш., 1969); Жумушчу табы ж-де документ фильмдердин бүткүл союздук 1-кинофестивалынын байгеси (Свердловск ш., 1970).
	Памир дүйнө чокусу	И. Герштейн	Оператордук мыкты иши ж-а музыкалык жактан жакшы чечилиши үчүн О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын диплому (Алматы ш., 1969); Эл аралык кинофестивалдын диплому (Швейцария, 1970); Тегеран ш-ндагы Эл аралык кинофестивалдын диплому ж-а «Күмүш дельфин» байгеси (Иран, 1970).
	Чыңгыз Айтматов	И. Герштейн	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын 8-кинофестивалынын 2-диплому (Алматы ш., 1969).
1969	Мурас	Т. Океев	Бүткүл союздук 4-кинофестивалдын байгеси (Минск ш., 1970).
1970	Лава	Ү. Ибрагимов	СССР Министрлер Советинин кинематография комитетинин диплому (1972).
1971	Нарын күндөлүгү	А. Видугирис	Бүткүл союздук 5-кинофестивалдын байгеси ж-а сыйлыгы (Тбилиси ш., 1972); Кыска метраждуу фильмдердин Гренобль ш-ндагы Эл аралык 3-кинофестивалынын Грап при байгеси (Франция, 1974).
1972	Дүйшөндүн конүресү	Г. Дегальцев	Кыска метраждуу фильмдердин Краков ш-ндагы Эл аралык 10-кинофестивалынын сыйлыгы ж-а Краков ш-ндагы Народовой Радалыгынын Президиумунун «Вавелдин алтын ажыдаары» атайын байгеси (Польша, 1973).
	Почта	Б. Абдылдаев	Лейпциг ш-ндагы Эл аралык кинофестивалдын «Күмүш коргучкон» байгеси (ГДР, 1972); Бүткүл союздук кинофестивалдын байгеси (Алматы ш., 1973).
1974	Искусство жонүндө баян	Г. Базаров	Эң мыкты дикторлук текст үчүн жазуучу Ч. Айтматовго Бүткүл союздук 8-кинофестивалдын сыйлыгы (Кишинёв ш., 1975).

«Кыргызтелефильм» киностудиясынын байгелүү фильмдери

Тартылган жылы	Фильмдин аты	Режиссёру	Байгенин аты
1	2	3	4
1967	Милиция турмушунан	А. Касымбеков	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын кинофестивалынын диплому (1968).

1	2	3	4
1968	Ак Моор	М. Убукеев	Телефильмдердин бүткүл союздук 3-фестивалынын экинчи байгеси (Ленинград ш., 1970).
	Парижге жол	А. Студзинский	Кыска метраждуу телефильмдердин Мюнхен ш-ндагы эл аралык фестивалынын экинчи байгеси (ГФР, 1970).
	Күүнүн сыры	У. Токомбаев	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын фильмдеринин 8-коргозмо-кароо мелдешинде режиссёрлук дебют үчүн У. Токомбаевге фестивалдын диплому (Алматы ш., 1969).
1969	Булут үстүндогу чабан	Р. Байтемиров	Түстүү телефильмдердин бүткүл союздук 1-фестивалынын биринчи байгеси (Москва ш., 1969).
	Учкун	В. Фуртичев	Бүткүл союздук кинофестивалдын диплому (Минск ш., 1970).
1972	Көз айнекчен бала	А. Видугирис	О. Азия респ-калары м-н Казакстандын телефильмдеринин 8-коргозмо-кароо мелдешинде жюриинин байгеси (Алматы ш., 1969); Балдар үчүн телефильмдердин бүткүл союздук 5-фестивалында «Пионерская зорькanын» байгеси (Минск ш., 1971); Телефильмдердин бүткүл союздук 4-фестивалынын жюрисинин диплому (Ташкен ш., 1973); В. И. Ленин атн. пионер уюмунун бүткүл союздук Борб. Советинин Ардак грамотасы ж-а «Кызыл чеге гүл» байгеси (1975).
1977	Шаарым жонүндө баян	У. Дайырбеков	Телефильмдердин бүткүл союздук 7-фестивалынын диплому (1974).
1979	Мамалак кар үстүндө туулат	Е. Котлов	Телефильмдердин бүткүл союздук 8-фестивалынын жюрисинин байгеси (Баку ш., 1979); Азербайжан ССР кинематографисттер союзунун диплому (1979).

К. Ашымов

ЭСТРАДА

Кыргыз мамл. филармониясы элдик ж-а профессионалдык музыка өнөрүн активдүү пропагандалоочу, концерттик бай программалуу маданий борбор болуп эсептелет. Анын алдында 6 чыгармачыл коллектив: эл аспаптар оркестри, бий ансамбли, фольклор тобу, эстрадалык ансамбль, вокалдык-аспаптык ансамбль «Париете», музыкалык лекторий иштейт. 1970—80-ж. филармониянын артисттери 1958 концерт берип, ал концерттерди 496 миң адам көргөн.

Карамолдо Орозов атн. Кыргыз мамл. эл аспаптар оркестри. Кыргыз ССРинде эмгек сиңирген коллектив. Орус музыканты ж-а композитор, Кыргыз ССРинин эл артисти П. Ф. Шубиндин демилгеси м-н 1936-ж. уюшулган. Оркестрди уюштуруу алдында шаарлардан, айыл-кыштактардан комузчу, кыякчы, чоорчу, ырчы ж-а манасчылар чакырылган. Коллективдеги алгачкы 20 музыканттын арасында М. Күрөкөев, К. Орозов, А. Огомбаев, М. Баетов, Ш. Термечиков, К. Акыев, М. Мусулманкулов, А. Үсөнбаев, Ы. Туманов ж. б. болгон. Оркестрдин негизин түзгөн комуз м-н кыяк Москва ж-а Алматы ш-нын өнөрканаларында кайра конструкцияланып жасалган. Үч кылдуу комуздун негизинде орус эл аспаптар оркестриндеги балалайкачылар тобуна жакындаштырылган аспаптардын, үч кылдуу кыяктын негизинде симфониялык оркестрдин кылдуу аспаптардын тобуна жакындаштырылган үлгүлөрү жасалды. Аспаптардын бул жаңы үлгүлөрү улуттук репертуар м-н катар орус ж-а чет элдик классикалык чыгармаларды да аткарууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Оркестр уюшулган алгачкы жылда эле анын концерттик репертуарында 70тей ыр-күү болгон. Оркестрдин жетекчиси П. Ф. Шубин көптөгөн элдик күүлөрдү оркестр үчүн иштеп чыккан. Алардын катарында Т. Сатылганов, М. Күрөкөев, К. Орозовдун күүлөрүнө жазылган аспаптык пьесаларды, А. Малдыбаев, А. Огомбаев, М. Баетов ж. б-дын ырларын кошууга болот. Кийинки жылдары композиторлор В. Власов, В. Фере, Н. Чембержи оркестр үчүн бир топ чыгарма жазышкан. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында оркестрдин көп катышуучулары согушка аттанды; карыя музыканттардын мыктылары өздөрүнчө солисттик топко бөлүнгөн. Согуш жылдарындагы концерттик программалар патриоттук темадагы чыгармалардан, сов. ж-а улуттук композиторлордун элге кеңири тараган майдан ырларынан турган. 50-жылдардын башында М. Күрөкөев атн. музыкалык-хореография окуу жайында эл аспаптар бөлүмү ачылган. Оркестрдин коллективи квалификациялуу музыкант-аткаруучулар м-н толукталып, чеберчилиги артты. Москва консерваториясынын бүтүрүүчүсү,



Түңгуч кыргыз эл аспаптар оркестринин катышуучулары. 1936.

дирижёр Н. Давлесов 1957-ж. оркестрди жетектеп, репертуарды кеңейтүү ж-а артисттердин чеберчилигин арттырууда бир топ иш жүргүздү. Оркестр аткаруучу коллектив гана эмес, мыкты чыгармачыл мектеп болуп келген. Коллективден К. Молдобасанов, Э. Жумабаев ж. б. дирижёрлор, композиторлор өсүп чыкты. 1962-ж. А. Жумакматов оркестрдин корком жетекчиси ж-а башкы дирижёру болуп калды. Бул мезгилде коллективде 60тай профессионал музыкант эмгектенген. Озүнүн 40 жылдан ашуун ишинде оркестр респ-канын бардык булуң-бурчтарында, Москва, Ленинград, Киев, Рига, Ташкен, Вильнюс, Красноярск ж. б. шаарларда болду. Оркестр М. Глинка, В. Моцарт, П. Чайковский, Ж. Бизе, И. Брамс, Ж. Россини, Ф. Лист, С. Прокофьев, Д. Шостакович, А. Хачатурян ж. б. залкар композиторлордун чыгармаларын аткарат. 1979—80-ж. В. И. Ленинди 110 жылдык юбилейине, фаш. Германия м-н согуштагы жеңиштин 35 жылдыгына, Кыргызстан Компартиясынын 17-съездине арнап, коллектив 4 жаңы программа ж-а элдик музыка б-ча атайын программа даярдады. Концерттик жаңы репертуарда оркестр үчүн иштелип чыккан эл күүлөрү, Э. Жумабаевдин «Жомок», «Майрамдык увертюра», Ы. Тумановдун «Жыргал күн», Т. Сатылгановдун «Чайкама» ж. б. күүлөр бар. Оркестрдин алдында 2 ансамбль: комузчулар ж-а темир комузчулар ансамблдери иштейт. Оркестрдин башкы дирижёру ж-а корком жетекчиси — Кыргыз ССРинин искусвосуна эмгек сиңирген ишмер Э. Жумабаев.

Бий ансамбли. Ансамбль 1968-ж. уюшулган, составында 50 адам бар. 1977-жылдан корком жетекчиси — Кыргыз ССР эл артисти К. Мадемилова. Ансамблдин репертуарында кыргыздын үрп-адатын, турмуш тиричилигин чагылдырган бийлер, СССР элдеринин бийлёрю бар. Коллектив Белоруссия, Литва, РСФСР, Украина ж-а Закавказье респ-каларында концерт берген. Олимпиада-80 оюндарын маданий тейлоого катышкан. Финляндияда (эки жолу), Франция, Бельгия, Дания ж-а Швецияда гастролдо болгон. 1979—80-ж. коллектив 17 жаңы бий номерин даярдаган. Алардын арасында К. Молдобасановдун музыкасына «Эмгек бийи», С. Медетовдун «Пахтачылар бийи», Н. Давлесовдун «Саапчы жеңе» ж. б. бийлер бар.

Фольклордук топ. 1976-ж. уюшулган, составында 14 адам бар, жетекчиси — Кыргыз ССР эл артисти Э. Турсуналиев. Топтун программасына пукура элдик ырлар, күүлөр, эпос үзүндүлөрү, сатиралык интермедиялар кирет. Коруңуктуу аткаруучулары — Э. Турсуналиев, З. Усенбаев, А. Айталиев, Т. Абдиев ж. б. Коллектив О. Азия респ-каларынын ж-а Казакстандын музыка ышкыбоздоруна айрыкча таанымал. 1979-ж. артисттер Казакстанды, 1980-ж. Өзбекстанды, 1981-ж. Казакстан, Өзбекстан, Тажикстанды кыдырып, концерт коюшкан.

Эстрадалык коллективдер. Респ-када алгачкы эстрадалык коллективдер 60-жылдардын башында жогорку окуу жайларында, техникумдарда, маданият үйлөрүндө пайда болгон. Жанрдын эл арасына кеңири таралгандыгына байланыштуу эстрадалык коллективдердин арасында бир топ конкурстар откорулгон (СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУда, ФПИде ж. б.). Кийинки жылдарда эстрадалык коллективдерди оңуктуруу максатында Кыргызстан ЛКЖС БК тарабынан жыл сайын «Студенттик жаз» фестивалы откорулуп келе жатат. Жанрдын өсүп-өнүгүшү өз алдынча профессионал коллектив түзүүнү талап кылды. 1968-ж. Кыргыз мамл. филармониясынын алдында 15 кишиден турган Кыргыз эстрадалык ансамбли уюшулуп, ага Кыргыз ССР эмгек сиңирген артисти Ч. Кожомжаров жетекчилик кылды. Ансамблдин репертуарында А. Малдыбаев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов ж. б. композиторлордун чыгармалары, элдик ырлар м-н оркестр үчүн пьесалар бар. Негизги аспаптары: электр комузу, электр органы, аккардеон, гитара. Коллектив союздаш респ-калардан тышкары Турция, Сирия ж-а Алжир Эл Респ-касында гастролдо болду. 1975-ж. филармония К. Кожомкуловдун жетекчилиги м-н «Арашан» вокалдык-аспаптык ансамбли (ВАА) уюшулуп, репертуары кыргыз ж-а совет композиторлорунун ырлары м-н аспаптык пьесаларынан түзүлгөн. Ансамбль Ыраакы Чыгышта, РСФСР ж. б. союздаш респ-калардын шаарларында концерт койгон. 1980-ж. «Арашан» ансамблинин негизинде 16 кишиден турган «Нариете» вокалдык-аспаптык ансамбли түзүлдү. Корком жетекчиси — В. А. Пругло. Ансамблдин программасында кыргыз ж-а совет композиторлорунун ырлары бар.

П. И. Чайковский атн. консерваториянын алдындагы Москва музыкалык окуу жайынын бүтүрүүчүсү Д. М. Назарматов К. Орозовдун «Сынган бугу», «Ибарат», «Көкөй кести», А. Огомбаевдин «Ой, булбул», Т. Сатылгановдун «Чайкама», А. Кыдырназаровдун «Кыргыз кочу» ж. б. күүлөрдү гитара үчүн иштеп чыгып, кыргыз темаларына пьесалар ж-а фантазиялар жазган. Иск-во чеберлери м-н бирге ал Венгрия, Швеция, Дания ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон.

Музыкалык лекторий. Совет ж-а чет элдик композиторлордун чыгармаларын пропагандалоо максатында 1960-ж. уюшулган. Коллектив жогорку окуу жайларынын студенттеринин, мектеп окуучуларынын арасында, түрдүү ишкана-уюмдарда, мекемелерде болуп, концерт берет. 1979—80-жылдарда гана 330 концерт берилген. Анын 165и респ-канын райондорунда откон. Лекторийлерге Кыргыз ССР эл артисти С. Бекмуратова, артисттер Л. Орловская, Т. Тюренкова, Д. Салиева, А. Криволапов, П. Веденичев, лектор-музыка изилдөөчү Е. Соболева ж. б. катышкан.

Д. Мукашев


ЦИРК

Цирк өнөрүнүн элементтери кыргыз элинин улуттук түрдүү оюндарында илгертеден эле болгон. Бир да салтанат аламан байге, улак тартыш, эр сайыш, жамбы атмай, эр оодарыш, күрөш сыяктуу оюндарсыз өткөн эмес (к. *Физкультура жана спорт* макаласын). Кыргыздын улуттук селкинчек оюну акробатиканын, гимнастиканын, эквилибристиканын элементтерине өтө бай. 1962-ж. респ-канын өкмөтү м-н «Союзгосцирктин» чечими б-ча Кыргызстандагы алгачкы цирк труппасы «Жаш Кыргызстан» уюштурулуп, ага негизинен жерг. улуттардын улан-кыздары кирген. Труппанын режиссёр-коюучусу ж-а жетекчиси Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Е. Жапыбеков болгон. 1963-ж. 20-октябрда труппанын биринчи оюну корсотулгон. Бул күндү кыргыз профессионалдык циркинин туулган күнү деп эсептоого болот. Программанын биринчи номери улуттук оюндардын негизинде түзүлүп, анда акробатиканын, гимнастиканын элементтери колдонулган, айрым фрагменттери комуз м-н коштолгон. Труппа өлкөнүн Киев, Минск, Севастополь, Архангельск, Ташкен, Ленинград сыяктуу шаарларынын эмгекчилерине оз өнөрлөрүн тартуулаган. Улуу Окт. рев-ясынын 50 жылдык юбилейинде «Жаш Кыргызстан» труппасы Москва мамл. циркинде оюн коюп, мыкты оригиналдуу коллективдердин бири катары таанылып, Циркти жаңы чыгармалардын бүткүл союздук кароосунун лауреаты деген наам ыйгарылган.

1967-ж. Фрунзеде кыргыз циркинин «Гүлдой бер, Кыргызстаным» аттуу жаңы программасы түзүлүп, аны даярдоого цирк өнөрүнүн чеберлери Ю. Корнеев, Н. Цертелев, И. Щербаков, Г. Осипов, Л. Иванова, М. Кочаков, композиторлор К. Молдобасанов, Н. Давлесов, жазуучу К. Жантошев жигердүү катышкан. Программага «Кыргызстандын ат оюндары» (жетекчиси

Түркмон ССРинин эмгек сиңирген артисти Н. Кочаков), «Тоо үстүндөгү па-де-де» (Ф. Мукушева, А. Жумалиев), «Атта ойноочу жонглёр» (Д. Чокубаева), «Ийин акробаттары» (жетекчиси И. Щербаков), «Акробат-эксцентриктер» (А. Абылкасымов, К. Арботоев), «Аба гимнасттары» (жетекчиси Т. Жолдошбеков) кирген. Аларды Фрунзе циркинин эки жылдык студиясынын бүтүрүүчүлөрү аткарышкан. Москвада И. Девяткин тарабынан кыргыз клоундары — С. Сооронбаев м-н В. Попов даярдалган. 1969-ж. эки коллектив тең «Жаш Кыргызстан» деген ат м-н 1972-жылга чейин өлкөнүн шаарларында гастролдо болушкан. 1972—74-ж. Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына карата кыргыз цирк коллективинин 2 бөлүмдөн турган программасын түзүү б-ча иштер жүргүзүлгөн. Кыргыз циркинин «Жердештерибизди майрамы менен куттуктайбыз» деп аталган жаңы программасына жаңыбарлар тобунан турган «Ботокөз» аттракциону (жетекчиси Н. Кочаков), «Жаш Кыргызстан» (жетекчиси Э. Мамытбеков), «Кыргызстандын ат оюндары» (жетекчиси Ажар АССРинин эмгек сиңирген артисти К. Варзиев), «Батуттагы акробаттар» (жетекчиси З. Исаков), «Дарчы» (К. Иманалиев), «Пластикалык этюд» (Г. Алиева), «Гимнаст-эксцентрик шакектерде» (Т. Жолдошбеков), «Тоо үстүндөгү па-де-де» (Ф. Мукушева, А. Жумалиев) номерлери, клоундар С. Сооронбаев ж-а С. Боскунбаевдер кирген. Программанын коюлушуна режиссёрлор Б. Романов, А. Полифронов, И. Девяткин, Г. Адаскина, Д. Морус, Н. Кочаков, Т. Жолдошбеков, К. Варзиев (цирктин корком жетекчиси) катышкан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указы м-н кыргыз иск-восундагы көп жылдык жеңиштүү иштери үчүн 1974-ж. Фрунзе мамл. циркинин директору А. Изибаевге — Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген кызматкери, «Жаш Кыргызстан» номеринин жетекчиси Э. Мамытбековго Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наамдар ыйгарылган. Цирк кызматкерлеринин чоң тобу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары ж-а Грамоталары м-н сыйланышкан. 1976-ж. Фрунзе циркинин жаңы имараттын пайдаланууга берилиши респ-канын маданий турмушунда зор окуя болду. Бул өтө мыкты архитектуралык курулушта комплекстүү машыгуу-спорт залдар, каучук манеж, атайы даярдалган мебель м-н жабдылган админ. ж-а артисттик кабинеттер бар. 1977-ж. Финляндияда кыргыз совет цирк өнөрүнүн «Кыргызстандын ат оюндары» аттуу номери корсотулгон. Партия м-н өкмоттун камкордугунун натыйжасында кыргыз цирки кыска убакыттын ичинде сов. ж-а чет элдик көрүүчүлөргө кеңири таанымал коллективдерден болуп калды. Кыргыз совет цирк өнөрүнүн өнүгүшүнө көп кон зор салымдары үчүн Э. Мамытбековго Кыргыз ССР эл артисти, Т. Жолдошбековго Кыргыз ССРинин искусвосуна эмгек сиңирген ишмер, С. Урмамбетовго Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген наам берилип, цирк кызматкерлеринин чоң тобу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары ж-а Грамоталары м-н сыйланган.

1978-ж. респ-канын өкмоту ж-а «Союзгосцирк» цирк өнөрүнүн тарыхында биринчи жолу сюжеттик жактан байланышып театрлаштырылган тематикалык 2 бөлүмдүү программаны түзүү ж-до чечим кабыл алган. 1978-жылдын аягында Фрунзе мамл. циркине караштуу цирк өнөрүнүн 2 жылдык студиясы ачылып, ага музыкалык-хореографиялык ж-а спорттук-акробаттык жондомдүүлүгү бар улан-кыздар, спорт разрядчылары ж-а СССР спортунун мастерлери, о. эле респ-кадагы өздүк корком чыгармачылык коллективдеринин катышуучулары кабыл алынган. 1980-ж. 21-декабрда кыргыз циркинин Кыргызстан Компартиясынын 17-съездине ж-а КПССтин 26-съездине карата даярдалган жаңы программасынын премьерасы болгон. Программаны коюуга драматург М. Байжиев, циркти директору А. Изибаев, композитор Н. Давлесов, циркти башкы дирижёру



Аба гимнасттары («Ысык-Көлдүн ак чардактары») А. Бейшебаева, С. Бекжанова. 1980.

Э. Шаршенбаев, В. Гусев, башкы режиссёр-коюучу Ю. Дроздов, башкы балетмейстер-коюучу Н. Маковская, башкы суротчү-коюучу, Казак ССРинин иск-восуна эмгек сиңирген ишмер В. Семизоров, суротчү-коюучу А. Лаптев, режиссёр-коюучу, Кыргыз ССРинин иск-восуна эмгек сиңирген ишмер Т. Жолдошбеков ж. б. жигердүү катышкан. Программага кирген номерлер: абагимнастикалык «Жомок» аттуу номер (К. Арботоев, Г. Бөкөлоева), «Ысык-Көл» (Р. Козубеков, Ж. Усенбеков, С. Мусаев, А. Баялиев, Ч. Сандан, С. Байбориева), «Камчы жана чалма» (Ж. ж-а Б. Кулубаевдер), «Селкинчек» (С. Мусаев, А. Кочкарёв, Т. Бабаев, С. Бейшебаев, С. Эсенгулова, А. Лангинер, М. Акматов), «Шамдагайлар» (Кыргыз ССР эл артисти Э. Мамытбеков ж-а Б. Кулубаев, А. Жусупов, Б. Жетимишбаев, К. Тыныбеков, С. Сооронбаев, Г. Сейдакматова), «Кыргызстандын экзотикалык фаунасы» (С. Урманбетов). Клоундар: У. Урманов, Ж. Толтоев, К. Тажиев ж. б. Цирк өзүнүн бир жарым айлык гастролунда эле 79 жолу оюн корсотүп, ага 160 мицден ашуун көрүүчү катышкан.

Т. Жолдошбекова

Өкмоттук сыйлыкка татыктуу болгон маданият мекемелери

Аты	Сыйлык алган жылы	Ордени
Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясы	1939	Эмгек Кызыл Туу
Абдылас Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театры	1939	Ленин
Кыргыз мамл. академиялык драма театры	1958	Эмгек Кызыл Туу
М. В. Фрунзенин музей үйү	1975	Эл Достугу
Н. К. Крупская атн. мамл. Орус драма театры	1976	Эл Достугу

Ад.: Архитектура. Денике Б. П., Архитектурный орнамент Средней Азии, М.—Л., 1939, 228 с.; Бернштам А. Н., Архитектурные памятники Киргизии, М.—Л., 1950, 146 с.; Горячева В., Орто кылымдагы Кыргызстандын архитектуралык эстеликтеринде кооздоолор, к-пте; Кыргызстандын эстеликтери, 1-чыг., Фр., 1970, 49—60-б.; Нусов В. Е., Архитектура Киргизии с древнейших времен до наших дней, Фр., 1971, 152 с.; Курбатов В. В., Архитектура Советской Киргизии, М., 1972, 88 с.; Помаскин В. В., Гумбөз Манаса, Фр., 1972, 56 с.; ошонуку Манастын күмбөзүн калыбына келтирүү, к-пте; Кыргызстандын эстеликтери, 2-чыг., Фр., 1974, 41—47-б.; Винник Д., XIII—XV кылымдардагы Ысык-Көл ороонундагу архитекту-

ралык эстеликтер, и-пте: Кыргызстандын эстеликтери, 2-чыг., Фр., 1974, 64—70-б.; Горчева А., Байыркы Озгондун эстеликтери, и-пте: Кыргызстандын эстеликтери, 2-чыг., Фр., 1974, 70—77-б.; Курбатов В. В., Писарской Е. Г., Архитектордун чыгармачылык биримдиги, Фр., 1974, 45 б.; Архитектура и градостроительство Киргизии, Фр., 1977, 92 с.; Курбатов В. В., Писарской Е. Г., Архитектура города Фрунзе, Фр., 1978, 108 с.

Искусство. Кумушалиев К., Кыргыз искусствосунун салтанаты, Фр., 1962, 284 б.; истории Киргизского искусства, Фр., 1971, 407 с.; Берёзкин В. И., Театрально-декорационное искусство Киргизии, Фр., 1972, 156 с.; Искусство Киргизской Советской Социалистической Республики, в кн.: История искусства народов СССР, т. 7, М., 1972; т. 8, М., 1977; Национальное и интернациональное в искусстве, Фр., 1973, 253 с.; Тезисы республиканской научной конференции «Ленинское наследство и актуальные проблемы развития искусства и культуры в Киргизии, Фр., 1980, 71 с.

Элдик колдонмо онор. Уметалиева Дж., Киргизский ворсовый ковёр, Фр., 1966, 72 с.; Киргизские сувениры. Альбом, М., 1974, 84 л.; Народные сокровища Киргизии, Фр., 1974, 110 с.; Антинина К. И., Кыргыздын элдик искусствосу, Фр., 1977, 144 б.; Анматалиев А., Кыргыздын кол оюрчулору, Фр., 1975, 80 б.; ошонуку, Элдик оймочулук, Фр., 1980, 40 б.; Кыргыз орнаменти, Фр., 1980, 28 б.

Сурот онору. Изобразительное искусство Киргизской ССР, М., 1974, 117 с.; Уметалиева Дж., Изобразительное искусство Киргизии, Фр., 1978, 118 с.

Живопись. Асанбеков С., Суротчу, Фр., 1962; Халаминская М. И., Искусство молодых, М., 1967; Художники Киргизии. Альбом, кн. 1—4, Фр., 1973; Молодые художники Киргизии. Альбом, М., 1979, 48 л.; Абдыгулов А., Республикалык жаштары, Фр., 1980, 120 б.

Графика. Графика Киргизии. Альбом, Фр., 1971, 127 л.; Прытнова Л. М., Художники киргизской книги, Фр., 1972, 87 с.; Кыргыз экслибриси. Киргизский экслибрис, Фр., 1979, 120 б.


Скульптура. Садыков Т., Воплощение образа, Фр., 1974, 116 с.; Мосолова Л. М., Скульптура и монументально-декоративное искусство Киргизии, Фр., 1975, 52 с.

Музыка. Виноградов В. С., Киргизская народная музыка, Фр., 1958, 33 с.; его же, Музыкальное наследие Токтогула, М., 1961, 312 с.; ошонуку, Мураталы Куренкеев, Фр., 1962, 178 б.; его же, Киргизские народные музыканты и певцы, М., 1972, 96 с.; ошонуку, Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары, Фр., 1974, 87 б.; ошонуку, Кыргыз ССРинин музыкалык маданияты, Фр., 1975, 68 б.; Затаевич А. В., Киргизские инструментальные пьесы и напевы, М., 1971, 420 с.; Алагушов В., Кыргыз композиторлору, Фр., 1964, 180 б.; ошонуку, Кыргыз комузчулары жана кыргыз куулору, Фр., 1961, 125 б.; ошонуку, Танцы комуз, Фр., 1966, 187 б.; ошонуку, Музыка боюнча терминдердин орусча-кыргызча созлугу, Фр., 1969, 97 б.; ошонуку, Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары, Фр., 1974, 99 б.; История киргизского искусства, Фр., 1971, 407 с.; Тезисы республиканской научной конференции «Ленинское наследство и актуальные проблемы развития искусства и культуры в Киргизии», Фр., 1980, 71 с.

Театр. Львов Н., Киргизский театр, М., 1953, 228 с.; Жумабаев В., Анвар Куттубаева, Фр., 1958, 12 с.; Кумушалиев К., В. Кыдыкеева, Фр., 1958, 16 с.; Прудный Д. Л., Из истории русско-киргизских литературных и театральных связей, Фр., 1960, 208 с.; История киргизского искусства, Фр., 1971, 407 с.; Киргизский государственный ордена Ленина театр оперы и балета, Фр., 1972; Алагушов В., Каплан А., Кыргыз операсы, Фр., 1973, 148 б.; Кочиев Д. Д., Государственный русский драматический театр им. Н. К. Крупской. 40 лет, Фр., 1976, 68 с.; Жумабаев В., Жизнь на сцене, Фр., 1976; Сырымбетов А., Орнону оскон маданият, Фр., 1980, 131 б.; Кайдалова О. Н., Традиции и современность. Театральное искусство Средней Азии и Казахстана, М., 1972, 296 с.; Нарын шаарындагы Муратбек Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры, Фр., 1980, 26 б.

Кинематография. Ашимов К., Рождение киргизского кино, Фр., 1969, 120 с.; его же, Экран Киргизии рассказывает, М., 1976, 60 с.; ошонуку, Кино — сыйкырдуу искусство, Фр., 1975, 51 б.; Артюхов О. В., На крыльях кино, Фр., 1974, 100 с.; Океев Т., Канаттуу искусство, Фр., 1977, 136 б.; Сахнанын жана экрандын жылдыздары, Фр., 1978, 110 б.; Кино Советской Киргизии, М., 1979, 336 с.

КЫРГЫЗ ССРи ЭЛ АРАЛЫК АРЕНАДА



Гвинеялыктар Фрунзедеги Пионерлер дворецинде.

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН КООМДУК-САЯСИЙ БАЙЛАНЫШТАР

Кыргыз ССРи чет өлкөлөр м-н коомдук-саясий байланышты кеңири жүргүзөт. Ал Кыргызстан Компартиясынын жетекчилиги астында ар тараптуу өнүгөт жана түрлөрү да ар кандай. КПССтин составдык бөлүгү катары Кыргызстан Компартиясы да башка өлкөлөрдүн маркстик-лениндик партиялары м-н байланышта. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети, партиянын шаардык ж-а райондук комитеттери чет өлкөлөрдүн коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын конгогон делегациясын кабыл алышат. Кыргызстан Компартиясынын өкүлдөрү КПСС БКнын делегацияларынын составында бир нече жолу чет өлкөлөргө барып келишкен.

Кыргыз ССРинин соц. достук кызматташтыктагы өлкөлөр м-н байланышы активдүү өнүгүүдө. Акыркы 10 жыл ичинде эле МЭР, ПЭР, ЧССР, Куба, ВЭР, РСР, ГДР, БЭРдин коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын, мамл. ж-а өкмөттүк мекемелеринин жетекчи инимерлери ж-а өкүлдөрү Кыргызстанда болушту. Соц. өлкөлөрдүн элдеринин ортосундагы достукту чыңдоодо жөрг. партиялык органдардын кызматташтыгын өнүктүрүү маанилүү роль ойнойт. Мындай байланыш Нарын обл. м-н Монгол Эл Реси-касынын Чыгыш Гоби аймагынын ортосунда 1973-жылдан баштап түзүлгөн.

Капиталисттик өлкөлөрдүн коммунисттик партияларынын, о. эле бөлтөндүккө чыккан өлкөлөрдүн рев-ячылдемокр. партияларынын өкүлдөрү реси-кага улам барган сайын көбүрөөк катташууда. 70-жылдарда Дания, Франция, Индия, ГФРдин компартияларынын инимерлери, Африка Улуттук Союзунун делегациясы (ТАНУ), Сириянын Араб соц. кайра жаралуу партиясынын, Марокконун Прогресс ж-а социализм партиясынын, Гвинеянын ж-а Жашыл Тумшук Аралдарынын коз карандысыздыгынын африкалык партиясынын (ПАИГК), Мозамбик Эл Реси-касынын ФРЕЛИМО партиясынын ж. б. өлкөлөрдүн партияларынын делегациялары Кыргыз ССРинде болушкан. 1977-ж. Кыргызстанда башында президент Урхо Калева Кекконен турган Финляндиянын делегациясы, 1980-ж. СССРде официалдуу визит м-н жүргөн ФРЕЛИМО партиясынын председатели, Мозамбик Эл Реси-касынын президенти Самора Мойзес Машель башчылык кылган мамл. партиялык делегациясы келген. 1976—78-жылдарда Кыргыз ССРинде Алжир Элдик Демокр. Реси-касынын Улуттук Элдик Чогулушунун, Либериянын закон чыгаруучу чогулушунун делегациялары, 1979—80-жылдарда Франция, Дания, Бельгия, Индия, Сирия, ЧССР, Шри Ланканын делегациялары болушту. МЭР, Сирия, Батыш Берлин, Сомали, Швеция, Дания, Бельгия, Францияда Кыргыз ССРинин катышуусу м-н СССРдин күндөрү жор өйгиликтер м-н откорулду.

Сов. профсоюздардын эл аралык кызматташтыгына Кыргыз республикалык совети ж-а профсоюздардын тармактык комитеттери да активдүү катышууда. Кыргызсовпрофтун өкүлдөрү 1979-ж. Шри Ланканын профсоюздарынын конгрессине, 1980-ж. Ирак профсоюздарынын конгрессине, Марокко ж-а РСРдеги биринчи май салтанатына катышкан, о. эле Сов. профсоюздардын делегациясынын составында реси-канын фабрика-заводдорунун жумушчулары ЧССРде ж-а ЮСФРде болушкан. Профсоюздар аркылуу 24 чет өлкө (бардык соц. өлкөлөрө, о. эле Франция, Италия, Египет,

Индиялык аялдардын профсоюз уюмунун делегациясы Кыргызстанда. Фрунзе, 1960.





Кыргыз ССРи ж-догу материалдар чет элдик басма сөздөрдө.

Австрия, Турция, Греция, Марокко ж. б.) бардыгы болуп 8485 турист барып келишкен.

Жыл сайын Кыргызстанга ар кайсы өлкөлөрдүн профсоюздук делегациялары келип, респ-канын профсоюз уюмунун иштери ж-а эмгекчилеринин турмушу м-н таанышууда. Кыргызстанда 1980-ж. эле Австралия, Жаңы Зеландия, Филиппин, Фижи ж-а Индиянын профсоюздук иштмөрлөри болушту. Бардыгы болуп 10-бөш жылдыкта респ-кабызга чет элдик 47 делегация келип кетти.

Советтик жаштар м-н чет өлкөлүк прогрессчил жаштар союздарынын интернационалдык кызматташтыгын чыңдоодо Кыргыз ССРинин комсомолдук ж. б. жаштар уюмдары белгилүү салымдарын кошту. 1979—80-жылдардын ичинде эле тажрыйба алмашуу максатында 10 чет өлкөдөн 11 делегация келген: анын ичинде АКШ, Австрия, Израил ж. б-дан да бар. 1979-ж. ноябрда Фрунзеде СССР, Гвинея-Бисау ж-а Жашыл Тумшук Аралдарынын жаштарынын достук жумалыгы өткөрүлгөн. 1980-ж. ноябрда респ-кабызда окуган чет өлкөлүк жаштардын Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнүнө ж-а Демокр. жаштардын бүткүл дүйнөлүк федерациясынын 35-жылдыгына арналган 1-фестивалына дүйнөнүн 14 өлкөсүнөн 1,5 миң адам катышкан.

Кыргыз шаарларынын чет өлкөлүк шаарлар м-н болгон кызматташтыгын өнүктүрүү б-ча иштер активдештирилүүдө. Уагадугу (Жог. Вольта Респ-касынын борбору), Ломе (Того мамлекетинин борбору) Фрунзе м-н туугандаш шаарлар болду. Булардын арасында калктын турмушу, кесипчилиги, экон. өнүгүшү, маданияты, чарбачылыгы ж-а башка бири бирине сабак боло турган маселелер б-ча катнаштар ишке ашырылып, атайын делегациялар келип-кетип турат. 1977-ж. ноябрда Туугандаш шаарлардын бүткүл дүйнөлүк 12-конгрессинде Фрунзе аның Бүткүл дүйнөлүк федерациясына мүчө болуп кабыл алынган. Ошондон бери Фрунзе ш. ал Федерация тарабынан жүргүзүлгөн бардык иш-чараларга активдүү катышат. Фрунзе шаардык советинин делегациясы Софияда (1978), Италиянын Сен-Винсент шаарында (1979), Бакуда (1981) болуп өткөн эл аралык конф-ялардын катышуучусу болду. 1980-ж. Фрунзе м-н Шри Ланка Респ-касынын борбору — Коломбонун ортосунда достук байланыштарды бекемдөө үчүн сүйлөшүүлөр болуп өткөн.

Респ-канын Чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыш коому достуктун кечелерин, салтанаттуу чогулуштарын, митингилерин, бир айлыктарын, он күндүктөрүн ж-а жумалыктарын системалуу уюштурат. 1980-ж. эле миңдеген адамдардын катышуусу м-н 100дөн ашык ушундай иштер жүргүзүлгөн. Монголия, Сирия, Чехословакия, Индия м-н болгон достуктун он күндүктөрү ж-а бир айлыктары; Африканын боштондукка чыккан күнүнө, жаштардын күнүнө, Адамдардын укугун коргоого арналган күндөрө, Туугандаш шаарлардын Бүткүл дүйнөлүк күндөрүнө, Того Респ-касынын, Жогорку Вольта Респ-касынын, Пакистандын, Бангладештин, о. эле соц. өлкөлөрдүн улуттук майрамдарына байланыштуу кече, чогулуш, митингилер, чехословакиялык промыселдик кооперация — «Интергельпонун» түзүлгөндүгүнүн 55-жылдыгына арналган салтанаттуу кечелер зор ийгиликтер м-н өткөн. Респ-канын чет өлкөлөр м-н байланышы Тынчтыкты коргоонун кыргыз респ-калык комитети, Азия ж-а Африка өлкөлөрүнө тилектештиктин республикалык комитети сыяктуу коомдук уюмдар аркылуу да өнүгүүдө.

Ж. Ч. Ташыбекова

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Өнүккөн социализм мезгилинде жалпы союздук эл чарба комплексинин составдык бөлүктөрүнүн бири — Кыргызстандын экономикасы үчүн эл чарбасынын бардык тармактарынын тез темп м-н өсүшү мүнөздүү. Өткөн беш жылдыктардын, айрыкча 10-бөш жылдыктын жыйынтыктары о. ж-дын жаңы, прогрессивдүү тармактарын (түстүү металлургия, а. ч. машиналарын куруу, прибор куруу ж. б.) андан ары топтоштурууну, адистештирүүнү, аларды жогорку деңгээлде ургаалдуу өнүктүрүүнү камсыз кылды.

Өз ара жардамдашуу ж-а экон. кызматташуу шартында бардык улуттук респ-калар СССРде коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү б-ча жалпы мамл. милдеттерди чечүүгө гана активдүү катышпастан, чет өлкөлөр м-н экон. байланышты өнүктүрүүгө ж-а чыңдоого да белгилүү салым кошууда. Кыргызстан металл кескич станок, устакана-пресс жабдууларын, орнотуу автоматын, электр кыймылдаткычын (10 *катка* чейин), комбайн ж-а трактор чынжырын, электр тельферин, магниттүү жүргүзгүч, кнопкалуу станция, тамак-аш о. ж-на технологиялык жабдууларды, а. ч. машинасын, электрондук өлчөгүч, медицина прибөрүн ж. б. о. ж. продукцияларын экспорттойт. 1980-ж. машина куруу ишканаларынын «СССРде жасалган» деген маркалуу продукциясы 60тан ашык өлкөгө экспорттолгон. Мис., М. В. Фрунзе атн. а. ч. машина куруу з-ду ПС-1,6 чөп таңгактагычын ж-а а. ч. машиналарынын запас бөлүктөрүн 11 өлкөгө, «Кыргызавтомаш» з-ду автомобилдин запас бөлүктөрүн 42, текстегич-өлчөгүч приборлор заводу өзүнүн чыгарган приборлорун 18, Сокулук соода машина куруу з-ду тамак бышыруу казанын 14, Майлы-Сай электр лампа з-ду электр лампаларын 18 өлкөгө жөнөтөт. Экспорттун негизги түрлөрүнө, о. эле токарь патрондору (8 өлкө), комбайн чынжыры (5 өлкө), электроталь (21 өлкө), жылуулук релеси (19 өлкө), магниттүү жүргүзгүч (29 өлкө), жабдуулардын запас бөлүктөрү (20 өлкө) ж. б. кирет.

1961—80-жылдарда гана Кыргыз ССРи о. ж. ж-а а. ч. продукциясын дүйнөнүн 83 өлкөсүнө чыгарып, өзү 14 өлкөдөн о. ж. продукциясын алган.

Онунчу бөш жылдыкта Кыргызстандан чет өлкөлөргө текстегич приборлор, киноустановкалардын түзөткүчтөрү (20-ВСЕ-1), КВ-235, КВ-245 пресстери, гидро-



Индиянын делегациясы Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн Башкы павильонунда. 1979.

түрткүчтөр, чөп таңгактагычтар, а. ч. машиналарынын запас бөлүктөрү, спиралдуу бургу, индукциялоочу жөндөгүчтөр, «Дунза» тамекиси, жибек таштандысы ж. б. жөнөтүлгөн. Респ-канын ишканаларында жасалган эң татаал жабдуулар м-н машиналар, приборлор м-н аппаратура сапаты жагынан дүйнөлүк үлгүлөрдөн калышпайт.

СССРдин чет өлкөлөр м-н тышкы экон. байланышында Кыргызстандын мааниси улам жогорулап жаткандыгын Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн журналына индиялык профессор Гогул Партхасартхтын «Кыргызстандын эл аралык экономикалык байланыш картасындагы чоң сызык Индияны көздөй кетет. Биз бул жерден сапаттуу приборлорду, станокторду, машиналарды алып турабыз. Индиялык дыйкан азырынча силердегидей механикалаштыруу жөнүндө үмүт кылышы гана мүмкүн» — деп жазганы далилдейт.

Экспортко негизинен машина куруу, электр-техника ж-а түстүү металлургия о. ж-нын продукциялары көбүрөөк чыгарылууда. Мис., 1959—72-жылдарда машина куруу о. ж-нын продукциясын сыртка чыгаруу 30 эседен ашык көбөйгөн. Эгерде 1959-ж. Кыргызстанда негизги экспорт заказдарын бир нече эле о. ж. ишканасы аткарса, азыр алардын саны 36га, ал эми алар берүүчү продукциянын түрү 25тен 67ге жетти. Кыргыз ССРи жибек ж-а кебез кездеме токуу о. ж. үчүн сырьё экспорттойт. Аны негизинен Швейцария, Италия, Япония жибек таштандысы түрүндө алат. Монголияга тамеки жөнөтүлөт. Мындан тышкары респ-ка дарылык сырьё да экспорттойт.

Сов. Кыргызстандын М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинатынын маркасы м-н чыгарылган түстүү металлургия продукциясы дүйнөлүк рынокто абдан баалуу. Мында 1953-ж. күкүрттүү сурьма, кийин жогорку класстагы үч кычкылдуу сурьма өздөштүрүлгөн. 1959-ж. Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө кыргыздын эң таза «Су-экстра» сурьмасы сапаты жагынан дүйнөлүк эталон катары кабыл алынган.

Сов. Кыргызстандын көп тармактуу ж-а ар түрдүү экономикасы о. ж. продукциясын экспорттоо структурасынын өзгөрүшүн багыттап, ал улам жаңы товарлар м-н толукталып жатат. Экспорт номенклатурасы негизинен продукция м-н сырьёлордун жаңы түрүн өздөштүрүү, азыркы кезге ылайыктуу натыйжалуу моделдерди чыгаруу аркылуу кеңейип ж-а жаңырып турат. 1973-жылдын аягында Фрунзе текстегич-өлчөгүч приборлор з-ду ГДРдин ишканалары үчүн соода автоматтарын жасоого заказ алган. Заводдун конструктордук бюросунда өлкөдө биринчи болуп «2ГМ», «4ГМ», «5ГМ» автоматтары үчүн макет механизмдер жасалып, алар СССРде гана эмес, башка өлкөлөрдө да кеңири пайдаланылат. 1974-ж. Фрунзе бургу з-дунда (10дон 14 *смге* чейинки) ичке учтуу бургу жасоо технологиясы өздөштүрүлгөн. Ал — мындай бургу жасоо б-ча өлкөдөгү бирден бир завод.

Респ-канын көп тармактуу экономикасы СССРдин соода-экон. кепшими бар бардык чет өлкөлөр м-н Кыргызстандын экон. тыгыз байланыш түзүшүнө мүмкүндүк берет. Кыргызстанда даярдалган товар экспорттолуучу өлкөлөрдүн саны жыл сайын көбөйүүдө. 1959-ж. алардын саны 15, 1970-ж. 50дөн ашык болсо, 1980-ж. 60ка жеткен. Кыргызстандын сыртка товар чыгарган ишканаларында буюмдардын конструкциялары, өндүрүш технологиясы дайыма жакшыланып, буюмдун сырткы көрүнүшү жакшыртылып, техниканын иштеши сыналып, сатып алуучулардын талабы эске алынып турат. Экспорттоону көбөйтүүдө эл аралык көргөзмөлөр м-н ярмаркалардын мааниси зор. Аларга Сов. Кыргызстан тажай катышып, түстүү металлургия ж. б. о. ж-ларынын продукциясын көрсөтүүгө көөт. Респ-канын мындай эл аралык көргөзмө м-н ярмаркаларга катышын турушу — сооданы билүүнүн, товар сатууну көбөйтүүнүн негизги жолдорунан. Кыргызстандын о. ж. товарларынын сырткы рынокто көп таралышына көргөзмөлөр ж-а ярмаркалар көмөкчү болот. Эл аралык кароолор респ-канын ар тараптан өсөндүгүн чагылдырат да, өлкөлөрдүн ортосундагы тажрыйба алмашуу кеңири колдонулуп, коммерцияны жайылтууга ж-а бекем байланыш түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул мамилелерди союздук соода палатасы аркылуу күчөтүү өз ара кызматташтыктын формасы м-н түрүн көбөйтүү, оркүндөтөт.

1967-ж. 3-июлда Монреалдагы Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө Кыргыз ССРинин Күнү белгиленген. Ал салтанаттын ачылышына Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын өкмөттүк делегациясы катышкан. Респ-канын техникалык жетишкендиктерин, о. эле кыргыз элинин социалдык жеңиштерин чагылдырган

1977-жылдагы Лейпциг ярмарка-көргөзмөсүнүн «Кыргыз ССРи» павильонунда. Алдыңкы катарда — Кыргыз ССР Министрлер Советинин Пред-лиин орун басары С. Бегматова ж-а ГБСП БКнын ген. секретары Э. Хонеккер.





Советтик Кыргызстан ж-дө «Юманитенин» атайын материалдары. 1968.

экспозициялар чоң пийликке ээ болгон. 1966-ж. Москвадагы а. ч. техникасынын эл аралык көргөзмөсүнө коюлган М. В. Фрунзе атн. а. ч. машинасын куруу з-дунун продукциясы ата мекендик а. ч. машина курууну жетишкендиктерин далилдеди. А. ч-сын комплекстүү механикалаштырууга багыт алуудан жаңы ж-а кубаттуу машиналарды чыгаруу зарылдыгы келип чыкты. 1980-ж. М. В. Фрунзе атн. а. ч. машинасын куруу з-ду өз продукциясын (ПСБ-1,6 чоп таңгактагычы) Монголия, Куба, Болгария, Венгрия, Афганстанга жиберген.

Ысык-Көл электр-техника заводдорунун бирикмеси экспортко продукцияны көп чыгарат. 1966-ж. бирикме ВСРге лабораториялык электр мешин жөнөтүп, биринчи жолу чет өлкөлүк заказды орундаткан. Бул ишкананын продукциясын Европа, Азия, Африкадагы көптөгөн өлкөлөр билет. 1979-ж. бирикменин Кажы-Сай электр-техника з-ду продукциясын ПЭР, ВЭР, ГДР, РСР, БЭР, Австрия, Куба, ВСР, МЭР, ЮСФР, ЕАР, Афганстан, ЧССР, Гвинея ж-а Турцияга жөнөткөн.

«Кыргызавтомаш» з-ду экспортко ЗИЛ-130, ЗИЛ-64, ГАЗ-69 маркасындагы машиналардын радиаторун, аларга керектүү пробкаларды ж. б-ды көп чыгарган. «Кыргызавтомаш» бирикмеси автомобилге запас тетиктерди 42 өлкөгө экспорттойт. Аларга Танзания, Ирак, Турция, ЕАР, Сирия, Камерун, Куба, Индия, Англия, Италия, Эквадор, Мозамбик, Перу, Греция ж. б. кирет. 1980-ж. «Тяжэлектромаш» з-ду 10 өлкөгө (БЭР, Индия, ЮСФР, МЭР, ВСР ж. б.) ири электромашиналарын жөнөткөн. Майлы-Сай электр лампа з-ду электр лампасын 18 өлкөгө — Афганстан, БЭР, ВСР, Гвинея, КЭДР, Ирак, Лаос, Мозамбик, Сирия, Египет, Мали, Нигерия, Алжир, Пакистан, Куба ж. б-га жиберген. Ош насос з-ду өз продукциясын дүйнөнүн 13 өлкөсүнө жөнөтөт. 1980-ж. республикадан Куба, ГДР, Сирия, Ливия, Мали, Гвинея, Эфиопия, Бангладеш, Индия, Алжир, ЮСФР, Иран, Ирак, ПЭР, ВСР ж-а Боливияга жылуулук релеси жөнөтүлгөн. ГДР, ЮСФР, РСР, Финляндия, Норвегия, Греция ж. б. өлкөлөргө запас тетиктер жиберилет. Медициналык ж-а физикалык приборлорду чыгаруучу Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. прибор куруу з-ду чет өлкөлүк фирмалардын контогон заказын аткарат. Заводдун продукциясын талап кылуу жыл сайын өсүүдө. Анын продукциясын негизинен соц. өлкөлөр, Афганстан, ЕАР, Пакистан, Иран, Танзания, Ирак, Марокко, Бирма, Сенегал ж. б. алат. Соц. ж-а өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү Сов. Союзунун жардамы м-н курулган ж-а курулуп жаткан ишканаларга тиешелүү жабдууларды экспорттоого Сов. Кыргызстан да катышат. Анын станоктору, аспаптары ж-а жабдыктары Дарханда (МЭР), Бхилаи металлургия комбинатында (Индия), Асуан плотинасында (ЕАР), Аракс гидрокурулушунда (Иран) ж. б-да пайдаланылууда. СССРдин чет өлкөлөр м-н экон. байланышына Кыргызстандын улам көбүрөөк катышуусу экспорттук продукциянын көбөйүшүнө ж-а сапатынын жакшыртылышына түртүк берди. Респ-канын мекемелери м-н ишканалары экспорттук продукциянын сапатын, товар түрүн жасалгалоону ж-а техникалык документацияны жакшыртууда.

Соц. өлкөлөр м-н тышкы экон. байланыш улам күчөгөн сайын өндүрүш-техникалык катнаш да кеңейип, оркүндөп, СССРдин башка өлкөлөр м-н ар тараптан кызматташышына Кыргыз ССРи да активдүү катышууда. 1958—59-жылдары Үч-Коргон ГЭСинин курууда Болгариянын улан-кыздары эмгектеништи. Чехословакиялык жабдуулар м-н жабдылган Канттагы цемент-шифер комбинаты м-н Өзгөндөгү кургак сүт з-дун курууда ЧССРдин адистери жабдууларды орнотууга ж-а аларды ишке киргизүүгө жардам беришкен. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргыз полиграфия комбинатынын жабдуусун ГДРдин, Токмок жүн ылгоо ф-касынын ПЭРдин адистери жөнгө салышкан. Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ж-а Токмок консерва з-ддорун монтаждоодо венгр адистеринин методдору колдонулган.

Кыргызстандын прибор куруу, машина куруу, тоокөн, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. тармактарында Европадагы соц. өлкөлөрдүн адистеринин тажрыйбасы кеңири колдонулууда. Респ-канын адистери тажрыйба алмашуу максатында ЧССР, ГДР, БЭР, ВЭР, ПЭР, РСР ж-а ЮСФРге бат-бат барып турат. Ош жибек комбинаты



ГФРдин делегациясы Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндөгү «Транспорт жана байланыш» павильонунда. 1980.



Түркия менен Ирандын делегациясы Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндөгү «Мелиорация жана суу чарбасы» павильонунда. 1975.


м-н Румыниянын Клуждагы «Романа мунчистуаре» ф-касынын, Будапешт м-н Фрунзедеги прибор куруу з-ддорунун байланышы чыңалууда. Венгриянын «Тунсграмм» фирмасы ар кандай жабдуу м-н Майлы-Сай электр лампа з-дун камсыз кылат. СССРдин тышкы экон. байланышынын өзгөчөлүктөрүнүн бири илимий-техникалык кызматташтыктын улам өсүшү болуп саналат. Мындай кызматташтыктын өсүшүнө Кыргыз ССРи салымын кошууда. Респ-канын түрдүү ишканалары м-н уюмдары тарабынан дүйнөнүн 12 өлкөсүндө 13 ойлоп табуу патенттелип, алар б-ча 43 патент ж-а кубаттоолор алынды. Фрунзе политех. ин-тунда ойлоп чыгарылган «Ала-Тоо 6-Р» үйротүүчү машина чет өлкөдө патенттетилип, ал б-ча 40 патент алынган. «Дирилдөө механизмин» ойлоп чыгарууда мелиорация системасынын илим изилдөө ин-ту беш өлкөдөн патент алган. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика, Геология, Тоо тектер физикасы ж-а механикасы ин-ттары ГДР, ПЭР, ЧССР, ВЭР ж-а ЮСФРдин тоо-кен ишканаларынын ил. из. ин-ттары м-н кеңири илимий информация алмашып турат. Кыргызстандагы бир катар долбоорлоо-конструктордук уюмдар; Арстанбап жаңгак-момо, Ысык-Көл тажрыйба-селекция, Тянь-Шань физикалык география ж. б. станцияларын Европадагы соц. өлкөлөрдүн тектеш уюмдары м-н байланышта. О. Азиянын (анын ичинде Кыргызстандын да) экономикасынын түрдүү тармактарындагы тажрыйбаны үйрөнүү б-ча эл аралык семинарларды өткөрүү өлкө аралык илимий-техникалык кызматташтыктын бир формасы болуп эсептелет. 1966—71-жылдары мындай семинарлар Фрунзеде 5 жолу өткөрүлгөн. Илимий-техникалык кызматташтыктын өнүгүшүнө эл аралык китеп алмашуу да өз салымын кошууда. Кыргызстан ага Н. Г. Чернышевский атн. мамл. китепкана, Кыргыз ССР ИАнын борб. китепканасы, жогорку окуу жайларынын китепканалары аркылуу катышат.

Кыргызстандын ө. ж. менен а. ч-сынын кыйшаюусуз өнүгүшү экспорттолуучу продукцияны гана көбөйтпөстөн, респ-када импорттук жабдуулар м-н ар түрдүү машинаны пайдалануу да көбөйтүүдө. Буга негизинен тамак-аш, эт-сүт, жеңил, курулуш материалдар, машина куруу ө. ж. тармактарын комплекстүү жабдуу кирет. 1970-жылдары респ-ка 14 чет өлкөдөн ө. ж. буюмдарын алган. Респ-канын көп ишканаларында (Фрунзедеги камвол-нооту, полиграфия комбинаттары, «Кыргызмебель» өндүрүш бирикмеси) ГДР жасаган жабдуулар пайдаланылат. О. эле Кыргызстан ГДРден муздаткыч установканы, тамеки, жеңил, тамак-аш ө. ж-ларын, коомдук тамактануу ишканаларын ж-а соода тармагы үчүн жабдуу, респ-канын медицина мекемелери м-н химия лабораториялары үчүн жабдык ж-а аспап алат.

1970-жылдары Кыргызстанда ө. ж. ж-а граждандык курулуш кеңири жүргүзүлгөн. 1950-жылдардын аягында Канта цемент-шифер комбинаты (жылына 995 миң т цемент чыгарат) курула баштап, ага жабдуунун чехословакиялык машина куруучулар берген. ЧССРден алынган жабдуулар кант, сүт, тамеки ө. ж. ишканаларында пайдаланылууда.

Сов.-Чехословакиялык достуктун өзүнчө тарыхы бар. 1920-жылдарда кыргыз элине социализмди курууда интернационалдык жардам көрсөтүү максатында «Интергельпо» кооперация коому уюшулган. Коом бир катар ө. ж. ишканаларын куруп, өндүрүштүк тажрыйба алууда чоң салым кошту. «Интергельпонун» мезгилинде калыптанган интернационалдык салт азыркы сов.-чехословакиялык мамилелердин чыңдалышына негиз болду.

Кыргызстан жабдуу м-н машинанын контогон түрүн ж-а ар кыл товарларды башка соц. өлкөлөрдөн да



«Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин (1) ж-а Фрунзе тамеки ф-касынын (2) экспортко арналган продукциясы.

алат. Кайыңды ж-а Ак-Суу кант з-ддору, Токмоктогу жүн ылгоо ф-касы ж. б. ишканаларын жабдууларын ПЭР берген. ВЭР муздаткыч установка, түрдүү өлчөгүч прибор, металл иштетүүчү станок, жеңил ө. ж. буюмдарын, электр-техника ө. ж. үчүн жабдууларды, ГДР, ЧССР ж-а РСР цемент ө. ж-ын жабдууларын ж. б. берет.

Экон. кызматташтыктын өнүгүшү эмгектин эл аралык бөлүнүшүнө оң таасирин тийгизип, башка өлкөлөр м-н тышкы экон. байланышы бар ар бир өлкөнүн өндүрүч күчтөрүнүн өнүгүшүнө көмөк берет.

М. Рыскулбеков

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН ИЛИМИЙ БАЙЛАНЫШТАР

СССРдин чет мамлекеттер м-н илимий байланышын өнүктүрүүдө кыргыз ж-а чет өлкөлүк илимпоздордун эл чарбасы м-н илимдин айрым проблемалары б-ча бирголешкен ил. из. иштери, ө. эле кыргыз илимпоздорунун ж-а адистеринин чет мамлекеттерге алардын илим м-н практикадагы жетишкендиктерин үйрөнүүгө барышы, эл аралык ж-а улуттук конгресстерге, конф-яларга, семинарларга, симпозиумдарга ж. б. катышуусу чоң роль ойнойт. 1976—80-ж. Кыргыз ССР ИАдан 70 илимпоз соц. ж-а капиталисттик өлкөлөрдүн илимий борборлорунда болушкан. Кыргыз ССР ИАнын илимий мекемелери 10-беш жылдыкта илимдин ж-а техниканын ар түрдүү тармактары б-ча чет өлдик 134 илимпоз м-н адис кабыл алган. Чет өлкөлөр м-н делегация алмашуу негизинен СССР ИАнын Президиуму бекиткен планга ылайык Илим ж-а техника б-ча мамл. комитет тарабынан ин жүзүнө ашырылат.

Тамак-аш ө. ж-ын калдыктарын рационалдуу пайда-



Кыргыз ССР ИАда чет элдик делегацияларды кабыл алуу.

лапуунун иктарын иштеп чыгууда ж-а пектиндик заттардын химиясын изилдөө б-ча монгол илимпоздоруна консультациялык жардамдар берилген. Сов. делегациянын составында кыргыз окуу жогорку ондүрүмдүү машиналарды куруу б-ча консультация алуу үчүн ЧССРдө болуп кайткан. Сов. делегациянын ЧССРге баруусунун жыйынтыгы ж-дө СЭВдин түстүү металлургия б-ча туруктуу комиссиясынын заседаниесинде билдирүү жасалган. Кыргыз ССР ИАнын Органикалык химия ин-тунун окуу Венгрия ИАнын Борб. химия ил. из. институтунда болуп, «Рихтер Гедеон» химия-фармацевтика заводунун Кентиддер химиясы лабораториясы ж-а «Реанал» заводунун химиялык цехи м-н таанышкан.

Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту пневмогидравликалык ж-а гидравликалык кыймылга келтиргичи бар бургулоочу техникаларды түзүү тармагы б-ча чехословакиялык адистерди кабыл алган. Механика ж-а тоо-кен машина куруу тармагындагы илимий-техникалык кызматташтык маселелерин талкуулоодо ЧССР металлургия ж-а оор машина куруу министерствосунун делегациясы катышты. Кант кызылча өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн экономика-математикалык методдорду ж-а эсептоочу техникаларды пайдалануу тажрыйбалары м-н таанышуу максатында Кыргыз ССР ИАнын окүлдөрү сов. адистер тобунун составы м-н БЭРге барып келишти. Натыйжада ө. ж.-агрардык биримдиктин ж-а физика, математика ин-ттарынын эки тараптуу кызматташуу жолдору аныкталды. Кыргыз ССР ИАда ГДРдин адистери болушту. Автоматика ин-туна «Шмалькальде» комбинатынын окүлдөрү бургулоочу аспаптын үлгүсүн беришти, Тоо тектеринин механикасы ж-а физикасы ин-ту м-н ГДРдин Тоолуу жерлерде иштөөнүн коопсуздугу ин-ту тарабынан илимий-тех. кызматташтык ж-дө келишим түзүлгөн. Бекитилген жумушчу планды аткаруу үчүн Кыргыз ССР ИАнын кызматкерлери ГДРге барып келишти.

Айрым капиталисттик олкөлөр м-н болгон илимий байланыш бир кыйла кеңейди. Кыргыз илимпоздорунун Швейцарияга баруусу «СИГ» ө. ж. бирикмесинин инженер-конструктордук составы м-н чыгармачылык байланышты кеңейтти. Натыйжада бургулоочу агрегаттардын ж-а манипуляторлордун конструкциясы б-ча материалдар алынды. 1979-ж. бул фирманын делегациясы Кыргыз ССР ИАда симпозиум откөрүштү. Башкаруунун автоматташтырылган системасынын тармагындагы изилдөөлөр м-н таанышуу ж-а аларды салыштырып анализдөөнү жүргүзүү үчүн Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунун делегациясы м-н Франциянын Лилль ш-нын Автоматика борборунун делегациясы ортосунда пикир алмашуулар болду. Тоолуу жерлерде иштөөчү машиналарды куруу тармагындагы жетишкендиктер м-н таанышуу максатында Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту м-н финдик «Тампелла» акционердик коомунун адистери бири биринде командировкада болуп, натыйжада биргелешип иштөөнүн долбоору түзүлдү. Кыргыз ССР ИАнын илимпоз-фармакологдору уулуу жыландардан препараттарды ж-а дарылык каражаттарды алуунун технологиясын өздөштүрүү максатында Бразилияда болушту.

СССР м-н АКШнын ортосунда айлана-чойрону коргоо б-ча биргелешкен иште жүргүзүү үчүн СССР ИАнын Жердин физикасы ин-тунун ж-а Кыргыз ССР ИАнын сейсмология ин-тунун чакыруусу б-ча Токтогул р-нундагы суу сактагычтын сейсмдик радиотелеметриялык станцияларынын түйүндорун түзүү максатында АКШнын адис-сейсмологдору Кыргызстанда болушту. Орнотулган ж-а жонго салынган америкалык радиотелеметрдик сейсмологиялык система Токтогул суу сактагычынын аймагындагы сейсмдик маалыматтарды оперативдүү кабылдап иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Кыргыз ССР ИАнын Сейсмология ин-тунун илимий кызматкерлери тарабынан СССРдеги илимдин өнүгүшү ж-дө Индиянын бир катар ил. из. мекемелеринде лекциялардын цикли окулган. Кыргызстандагы Тянь-Шандын тектоникасы м-н Гималайдын неотектоникасын салыштыруучу изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Чет олкөлүк мамлекеттер м-н болгон илимий байланыштарды өнүктүрүүдө эки тараптуу изилдөөнүн планын аткарууга зор көңүл бурулат. Кыргыз ССР ИАнын Органикалык химия ин-ту м-н МЭР ИАнын Химия институн кызматкерлери химия б-ча биргелешкен изилдөөнү жүргүзүшөт. 1980-ж. СССР ИА м-н Финляндия ИАнын ортосунда илимий кызматташтык ж-дө келишимге кол коюлуп, ал б-ча Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту м-н «Коне» фирмасынын ил. из. борбору биргелешип гидравликалык кыймылга келтиргич импульстук системаны долбоорлоону эсептоо иштери илимий негизде иштеп чыгуу, ургулоочу типтеги жаңы машиналарды ж-а жогорку кубаттуу универсалдуу манипуляторлорду түзүү иштери белгиленген. Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектердин физикасы ж-а механикасы ин-ту ГДРдин Министрлер Советине караштуу Башкы тоо-кен башкармасынын Тоо-кен институнун кооспсуздугу ин-ту м-н бирдикте белгиленген эки тараптуу кызматташтык чегинде 1980-ж. «Кен чыккан жердеги коркунучтардын булактарын алдын ала болжолдоо ж-а жер алдындагы курулмалардын туруктуулугун камсыз кылуу максатында Орто Азия ж-а Ортоңку Европанын тоо тектер массивинин абалы м-н касиеттерин геомеханикалык изилдөө» деген темадагы иштер башталды. Кызматташтык б-ча 1980-85-жылдардын иш планы иштелип чыгып, бекитилген. Кыргыз ССР ИАнын Сейсмология ин-туна СССРдин чет олкөлүк мамлекеттер м-н илимий-техникалык проблемалар б-ча кызматташтыкта аткаруучу негизги ташпырмаларына кирген жер титирөөнү алдын ала билүү иштерин биргелешип изилдөө тематикасын аткаруу жүктолгөн. Бул теманы аткарууга СССР ИА, анын ичинде Кыргыз ССР ИАнын Сейсмология ин-ту ж-а АКШнын Геологиялык кызматы милдеттүү.

Эл аралык илимий байланышты өнүктүрүүдө Бүткүл союздук «Союзводавтоматика» илимий-өндүрүштүк бирикмеси зор иштерди жүргүзүдү. 1980-жылдын ичинде эле бирикме БЭР, ВЭР, РСР, ПЭР, ГДР, Батыш Берлин ж. б. өндогон чет олкөлүк делегацияларды кабыл алган. Болгариялык адистер «эки деңгээл боюнча» автоматтык башкаруу системасын түзүүгө ж-а сыноого катышты; сов. адистер м-н бирдикте ишке киргизип жонго салуу иштерин жүргүзүштү, о. эле объектилердин биринде орнотулган «эки деңгээл боюнча» ж-а «чыгымдоо боюнча» автоматтык жонго салуу системасын сынашкан системасынын тех. көрсөткүчтөрүн долбоорлоп, пайдалануу ж-дө макулдашылып, СССРдин сугат системасына киргизүү мүмкүнчүлүгүн талкуулашты. Венгриялык адистер телемеханикалык системанын тажрыйбалык үлгүсүн каналда комплекстүү сыноого, системада техникалык документацияны талкуулоого, каналда кошумча жабдууларды текшерип сыноого катышып, насос станцияларынын жабык сугат системалары-









Музыкалык жана бий коллективдери. 1. Карамолдо Орозов атн. эл аспаптар оркестри. 2. Кыргыз телекөрсөтүү жана радиосунун симфониялык оркестри. 3. Кыргыз элдик бий ансамбли. 4. Ала-Бука р-нунун жыгач оюз комузчулар ансамбли.















Театр. 1. И. Попов. «Үй-бүлө». Володя — Кыргыз ССР эл арт. С. Далбаев, Мария Александровна — Кыргыз ССР эл арт. С. Балкыбекова. 1967. **2.** К. Маликов, А. Куттубаев. «Жаңыл». Кантай — Кыргыз ССР эл арт. С. Кумушалиева. 1959. **3.** Ч. Айтматовдун повести б-ча «Саманчы жолу». Толгонай — СССР эл арт. Д. Күйүкова, Жанболот — И. Раимкулова. 1970. **4.** Б. Жакиев. «Атанын тагдыры». Акылбек — СССР эл арт. М. Рыскулов, Жеңишбек — И. Раимкулова. 1960. **5.** А. Дыйканбаев. «Мүрөктүн суусу». Жамал — СССР эл арт. Б. Кыдыкеева, Шербет — Ш. Сыдыкова. 1970. **6.** А. Грибоедов. «Акыл азабы». Софья — Кыргыз ССР эмг. сиң. арт. З. Молдобаева, Господин «Н» — Кыргыз ССР эмг. сиң. арт. Ж. Арсыгулов. 1966. **7.** Ч. Айтматовдун повести б-ча «Биринчи мугалим». 1965.



















Театр. 1. Н. Погодин. «Мылтыкчан киши». Шадрин — Кыргыз ССР эл арт. Л. Л. Ясиновский, Н. К. Крупская атн. Орус драма театры. 1970. **2.** П. Кальдерон. «Сүйүү менен ойнобойт». Беатриса — Кыргыз ССР эл арт. Т. А. Варнавских, Н. К. Крупская атн. Орус драма театры. 1962. **3.** А. Островский. «Жалындуу жүрөк». Матрёна Харитоновна — Кыргыз ССР эл арт. М. С. Стряпкина, Наркис — Кыргыз ССР эл арт. В. С. Офицеров, Н. К. Крупская атн. Орус драма театры. 1966. **4.** «Ак кеме». Ч. Айтматовдун повести б-ча. Ош кыргыз драма театры. 1975. **5.** А. Дыйканбаев. «Мүрөктүн суусу». Ош кыргыз драма театры. 1972. **6.** «Кубаттуу толкун». Ш. Рашидовдун романы б-ча. С. М. Киров атн. Ош өзбек музыкалуу драма театры. 1969. **7.** Т. Абдумомунов. «Ашырбай». С. М. Киров атн. Ош өзбек музыкалуу драма театры. 1974. **8.** Т. Абдумомунов. «Атабектин кызы». М. Рыскулов атн. Нарын музыкалуу драма театры. 1965. **9.** К. Жантөшев. «Курманбек». М. Рыскулов атн. Нарын музыкалуу драма театры. 1964.











Опера. 1. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Манас» операсынан көрүнүш. **2—3.** А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Айчүрөк» операсынан көрүнүштөр. **4.** Ж. Пуччини. «Чио-Чио-сан» операсынан Баттерфляй — К. Сартбаева. **5.** М. Мусоргский. «Борис Годунов». Борис Годунов — Б. Миңжылкыев.













Балет. 1. П. Чайковский. «Ак куу көлү». Одетта — Б. Бейшеналиева, Зигфрид — У. Сарбагышев. **2.** В. Власов, В. Фере. «Анар» балетинен көрүнүш. **3.** М. Раухвергер. «Чолпон» балетинен көрүнүш. **4.** «Чолпон» балетинен Айдай — Б. Бейшеналиева, Нурдин — Б. Арунов. **5.** «Анар» балетинен Анар — Р. Чокоева. **6.** Ч. Нурымовдун «Өлбөстүк» балетинен көрүнүш.

















Кино. 1. «Токтогул». Реж. В. Немоляев. 1959. **2.** «Менин жаңылыштыгым». Реж. И. Кобызев. 1957. **3.** «Уркуя». Реж. Т. Океев. 1972. **4.** «Бакайдын жайыты». Реж. Т. Океев. 1967. **5.** «Көз карегим». Реж. Г. Базаров. 1976. **6.** «Караш ашуусунда атылган ок». Реж. Б. Шамшиев. 1968. **7.** «Улан». Реж. Т. Океев. 1977. **8.** «Ак кеме». Реж. Б. Шамшиев. 1975.


























Кино. 1. «Кече». Реж. Г. Базаров. 1973. **2.** «Ташка баткан элестер». Реж. У. Ибрагимов. 1974. Телефильмдерден кадрлар: **3.** «Ак Меер». Реж. М. Убукеев. 1969. **4.** «Кыргыз жибеги». Реж. А. Альпиев. 1977. **5.** «Жеңиш сереси». Реж. К. Аламанов. 1980. Документ фильмдерден кадрлар: **6.** «Искусство тууралуу баян». Реж. Г. Базаров. 1975. **7.** «Умуткер эже». Реж. А. Альпиев. 1973. Мультипликациялык фильмдерден кадрлар: **8.** «Сандардын чатагы». Реж. С. Ишенов. 1977. **9.** «Эки бөжөк». Реж. С. Ишенов. 1980. **10.** «Олокон». Реж. С. Ишенов. 1979.
















Цирк. 1. Фрунзедеги Мамлекеттик цирктин жаңы имаратынын ачылышы. 1976. 2. «Төө үстүндөгү па-де-де» номери. Аткаруучулар: М. Хусайинов, Ф. Мукушева. 3. Жаныбарлар тобунан фрагмент. Машыктыруучу — Кыргыз ССРине эмг. сиң. арт. С. Урманбетов. 4. Антипод. Жетекчиси — А. Арботоева. 5. «Таяк» («Вольтиж»). Жетекчиси — Р. Козубеков. 6. «Шамдагайлар». Виртуоз гимнасттар. Жетекчиси — Кыргыз ССР эл арт. Э. Мамытбеков. 7. Клоундар: У. Урманов, К. Тажиев, Ж. Толтоев.

ның иштеши ж-а жабдылышы м-н таанышты; румыниялыктар «Технологиялык процесстерди башкаруунун автоматташтырылган системасын долбоорлоо ж-а иштетүү жөнүндө колдонмону» талкуулаган жумушчу кеңешмеге катышты, ПЭРдин адистери мелиорациялык системаны автоматташтыруу тажрыйбасы м-н, ГДРдин адистери суу курулмаларын долбоорлоо методдору ж-а суу чарба м-н гидромелиорация системаларын пайдалануу тажрыйбасы м-н таанышты. 70-жылдардан бери «Мелиорация системасын автоматташтыруу ж-а телемеханикалаштыруунун каражаттары жана методдору» деген тема б-ча советтик-америкалык кызматташтыктын чегинде ВНПО «Союзводавтоматика» Денвер ш-ндагы (Колорадо штаты) АКШнын Мелиорация бюросунун инженердик-изилдөө борбору м-н кызматташтыкта болуп келе жатат. Ушул кызматташтыктын чегинде 1979-ж. Фрунзе ш-нда советтик-америкалык семинар болуп өттү. 1981-ж. ЧССРдин адистери Кыргыз ССРинин Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө аудиовизуалдык программаны орнотушту. Кыргыз ССРинин адистери м-н илимпоздору жүргүзгөн изилдөөлөрдүн, чечүүчү проблемалардын актуалдуулугу эл аралык илимий байланыштарды кеңейтүүнүн активдүү стимулу болуп саналат.

Элге билим берүү б-ча байланыштар. Кыргызстандын элге билим берүү б-ча чет өлкөлөр м-н байланышы жыл сайын оңүгүдө. 1980-ж. Кыргызстанда ПЭР, АКШ ж-а Италиянын делегациялары болуп, жаш мугалимдердин эмгегин уюштуруу иштери, мектептерде ж-а мектепке чейинки тарбиялоочу мекемелердин окуу-тарбиялык иш процессинин абалы ж-а мектептен сырткары мекемелердин иштери м-н таанышты. 1981-ж. Вьетнамдын агартуу кызматкерлеринин делегациясы Ош обл-нда болуп, элге билим берүүнүн обл. бөлүмүнүн ж-а ага тийиштүү мекемелердин иш тажрыйбаларын үйрөнүшкөн. СССРдин 50 жылдыгы атп. Кыргыз мамлекеттик ун-тине Батыш Берлин ун-тинин географ студенттеринин тобу келген. Кыргыз ССРинин бир катар жогорку окуу жайларынын окутуучулары, мектептердин мугалимдери Англия, Франция, ГДРде болушуп, тилдик стажировкадан отүшкөн. Кыргызстандын мугалимдери Танзанияда, Конго Эл Респ-касында, Афганстанда ж-а Алжирде иштеп келишти.

Эл аралык техникалык кызматташтыктын планы б-ча Фрунзе политехника ин-ту м-н Фрайберг тоо-кен академиясынын ортосунда (ГДР) күрөч көмүрдү комплекстүү пайдалануу б-ча биргелешкен изилдөө иштери жүргүзүлүп, илимий иштердин жыйынтыктары ФПИ м-н ФТАнын биринкген заседаниелеринде илимий семинарларда ж-а конф-яларда билдирилет. Фрунзе политехника ин-тунун бир окутуучусу жыштыкта башкарылуучу асинхрондук электр кыймылга келтиргичтерди пайдалануу б-ча Бирмингем университетинде (Англия) стажировкада болуп келген. Ал Бирмингем университетинин үлгүсүндө жогорку билим берүү системасы, Кембриж, Эдинбург университеттеринин лабораториялык базасы ж-а электр-техникалык сабактарды жүргүзүү методдору м-н таанышкан. 1975—80-ж. ФПИден гана чет мамлекетке 14 киши барып келген.

Чет өлкөлөр м-н кесипчилик-техникалык билим берүү б-ча байланыштар чыңдалууда. Фрунзе ш-ндагы № 17 кесиптик-техникалык окуу жайы 1973-жылдан бери МЭР үчүн өндүрүштөгү улам жаңы ыкманы өздөштүргөн квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдап жатат. 1973—80-ж. мында 500дөн ашык адис даярдалган. Республикабыздын жогорку ж-а атайын орто окуу жайларында Латын Америкасынын, Азия ж-а Африканын жаштары билим алышат.

Эл аралык съездер, конференциялар, семинарлар. 1971-ж. Фрунзеде Орто Азия республикалары м-н Казакстандын агрардык кайра куруу тажрыйбаларын үйрөнүү б-ча ж-а апын боштондукка чыккан өлкөлөр үчүн мааниси ж-дө эл аралык семинар болуп өткөн. 1977-ж. «Космостук илимий приборлорду куруу» деген



Индия респ-касынын президенти Радхакришнан Кыргыз ССР ИАнын президенти К. Каракеев м-н таанышууда. Нью-Дели. 1964.

темада БЭР, ВЭР, ГДР, ПЭР, СССР ж-а ЧССРдин адис-илимпоздору катышкан социалисттик өлкөлөрдүн семинары өткөрүлгөн. 1978-ж. «19-кылымдын экинчи жарымы — 20-кылымдын башындагы Россия менен Румыниядагы прогрессчил ойлор—эки элдин жакындашуусу үчүн маанилүү фактор» деген темада советтик-румыниялык тарыхчылардын 6-конф-ясы болгон. 1979-ж. коомдук илимдер б-ча кызматташтыктын советтик-венгрдик комиссиясынын 3-сессиясына катышуу үчүн Кыргыз ССР ИАга венгриялык көрүнүктүү илимпоздордун тобу келген. 1979-ж. Кызыл Крест, Кызыл Арстан ж-а Күн (ЛОКК) коомдук лигасы (Бүткүл дүйнөлүк федерациясы), Кызыл Кресттин эл аралык комитети, ВОЗ (Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму) ж-а ЮНИСЕФтин (Биринкген Улуттар Уюмунун Балдарды Коргоо б-ча аткаруу комитети) катышуусу м-н калкка медицина-санитариялык жардам б-ча эл аралык семинар өткөрүлгөн. 1979-ж. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика институту м-н Швейцариядагы индустриялык коомчулуктун курулуш ж-а тоо ө. ж-нда колдонулуучу бургулоочу агрегаттарга ж-а иштеп чыгаруунун рентабелдүү методу — терең бургулоого арналган симпозиуму болгон. 1980-ж. Фрунзе ш-нда БЭР, ГДР, ПЭР, ЧССР ж-а ЮСФРдин географтары катышкан СССРдин географиялык коомунун 7-съезди, 1982-ж. кардиологдордун бүткүл дүйнөлүк 9-конгрессинин рамкасында «Өпкөнүн артериялык гипертензиясы» аттуу эл аралык симпозиуму, Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн жаш жазуучуларынын 4-эл аралык жолугушуусу, СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына арналган журналисттердин эл аралык конф-ясы, геология жагынан кызматташтык б-ча СЭВдин туруктуу комиссиясынын 44-заседаниеси болуп өткөн.

Кыргызстандын илимий кызматкерлери Интернационалдык алтаисттердин туруктуу 19-конф-ясына (Финляндия, 1976), Спектроскопия б-ча эл аралык коллоквиумга (АКШ, 1976), 27-Пагуош конф-ясына (ГФР, 1977), Физиологдордун эл аралык конгрессине (Франция, 1977), Жер көчкү ж-а башка массалардын кыймылы б-ча эл аралык симпозиумга (ЧССР, 1977), Атом спектроскопиясы боюнча эл аралык 7-конф-яга (ЧССР, 1977), Теориялык жана колдонмо математика б-ча Улуттук 3-съездге (БЭР, 1977), Изопрепоиддер б-ча 7-конф-яга (ЧССР, 1977), Антропология ж-а этнология илими б-ча эл аралык 10-конгресске (Индия, 1978), Паразитологдордун Эл аралык 4-конгрессине (ПЭР, 1978), Табигый бирикмелердин химиясы б-ча эл аралык симпозиумга (БЭР, 1978), Тарых илими боюнча эл аралык 9-конгресске (Румыния, 1980), «Капиталисттик өнүгүүнү аттап өткөн элдердин улуттук адабиятынын калып-

таныш өзгөчөлүктөрү» деген темадагы эл аралык симпозиумга (МЭР, 1980), Физиологиялык илимдердин эл аралык 28-конгрессине (БЭР, 1980), Прогноз жүргүзүүнүн илимий-техникалык проблемалары б-ча СЭВге мүчө өлкөлөрдүн эл аралык симпозиумуна (БЭР, 1980) катышкан.

Ж. Ч. Ташыбекова

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАР

Театр, эстрада, өздүк көркөм чыгармачылык. Жыл өткөн сайын Кыргызстандын ЧССР, БЭР, ПЭР, ВЭР, РСР, ВСР, ГДР, МЭР, о. эле Канада, Италия, Япония, Швеция, Индия, Дания, Сирия, Турция, Финляндия, Франция ж. б. өлкөлөр м-н достук маданий байланыштары чыңдалууда. Адис жиберишүү, кадрлар даярдоодо өз ара жардам, ырчылардын, музыкалык аспапта ойноочулардын, театр ж-а опера артисттеринин гастролдору, жазуучу, режиссёр, актёр ж-а сүрөтчүлөрдүн өз ара катнаштары, адабий китептердин, көркөм сүрөттөрдүн көргөзмөлөрүн алмашуу, соц. өлкөлөрдүн драматургиясынын СССРдеги фестивалдарына катышуу, ар түрдүү улуттук маданияттардын салтка айланган жумалыктары, күндөрү, айлыктары сыяктуу иш-чаралар ийгиликтүү өнүгүүдө. Кыргызстан м-н Болгар Эл Респ-касынын маданий кызматташтыгы жемиштүү улануюда. Абдылас Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. Ленин ордендүү академиялык опера ж-а балет театры м-н болгар опера театрларынын чыгармачылык байланышы чыңдалууда. 1971-ж. Фрунзеде белгилүү болгар ырчысы И. Христов «Риголетто» операсынан Герцогдун ж-а «Анда» операсынан Радаместин партиясын аткарып, театрлар б-ча чыгармачылык байланыштын баштоочусу болду. 1972-ж. белгилүү ырчы, БЭР эл артисти, Димитров сыйлыгынын лауреаты М. Бохачек гастролго келип, Тоска («Тоска») м-н Анданын («Анда») партияларын аткарган. 1973-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрынын спектаклдерине С. Стефанов («Андада» Радамес, «Отеллодо» Отелло), БЭР эл артисти, Димитров сыйлыгынын лауреаты Н. Здравков («Риголеттодо» Герцог, «Тоскада» Каварадосси), БЭРдин эмгек сиңирген артисти Б. Карнобатлова («Евгений Онегинде» Татьяна, «Фаустта» Маргарита) катышкан. СССР эл артисти А. Токомбаева ж-а Кыргыз ССР эл артисти Т. Сейталиев катышкан концерттик бригада өз өнөрлөрүн болгар көрүүчүлөрүнө тартуулашкан. 1973-ж. жаш опера ырчыларынын Софияда өткөн 5-эл аралык конкурсунун лауреаты, СССР эл артисти Б. Миңжылкиев Болгарияда айрыкча таанымал. Ал Болгариянын башка шаарларына да бир нече жолу гастролдоп барган. 1975-ж. Кыргызстанда болгар композитору П. Хажиевдин «Июль түнү» аттуу операсы коюлуп, совет элинин Улуу Ата Мекк согушта жеңишинин 30 жылдыгына арналган Бүткүл союздук конкурста 3-сыйлыкка ээ болгон (режиссёру В. Т. Попов, дирижёру А. Жумакматов, сүрөтчүсү М. И. Новиковский). 1975-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрынын сахнасында Канаданын белгилүү ырчысы Б. Тюртондун гастролу болуп, ал Риголетто («Риголетто») м-н Жермондун («Травиата») партияларын аткарган.

Кыргыз артисттери АКШ м-н Канадада, Париж м-н Брюсселде, Кубада, Азия м-н Африка өлкөлөрүндө кыргыз совет иск-восун даңазалашты. Б. Миңжылкиев кыргыз ж-а дүйнөлүк опера өнөрүн чет өлкөлөрдө пропагандалоонун ардактуу миссиясын аткарып келе жатат. Ал 1968-ж. Миландын «Ла Скала» театрында стажировкада болуп кайткан. 1971-ж. вокалисттердин Болгарияда өткөн Эл аралык конкурсунда алтын медалга, Тулузада (Франция) «Гран при» сыйлыгына татыктуу болгон. Ал Москвадагы Чоң театрда ж-а С. М. Киров ат. Ленинград опера ж-а балет театрында, сов. башка опера театрларында ырдап, БЭР, ПЭР, ГДР, МЭР ж-а Сирияга, Чоң театр труппасы м-н бирге АКШга гастролдоп барган. Кыргыз ССР эл артисти А. Жумабаевдин жаркын таланты респ-кадан тышкары көп элге таанымал. Ал 1955-ж. Варшавада өткөн Жаштардын ж-а студенттердин бүткүл дүйнөлүк фестивалынын алтын медалын жеңип алган. Сов. иск-во чеберлери м-н бирге ал Африка өлкөлөрүндө, КЭР, ГДР, Индия, Индонезия, Улуу Британия, Шри Ланка, Канада, Югославия, Румыния, Чехословакия, Венгрия, Польша ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон.

Кыргыз мамл. филармониясынын комузчулар ансамбли Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Ч. Исабаевдин жетекчилиги м-н дүйнөнүн көп өлкөлөрүн кыдырып чыкты. Жаштардын ж-а студенттердин Москвада өткөн бүткүл дүйнөлүк 6-фестивалында (1957) ансамбль лауреат деген наамга, ал эми Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө (1957) алтын медалга арзыган. Ансамблдин катышуучулары — Кыргыз ССР эл артисти С. Токтакунова, артисттер С. Медетов, Т. Томотоев ж. б. Финляндия, Сирия, Франция, Япония, Канада, Монголия ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болушкан. 1976-ж. ансамбль союздаш респ-калардын артисттери м-н бирге СССР эл артисти И. А. Моисеевдин жетекчилиги астында АКШнын шаарлары б-ча гастролдук чоң турнедө болушкан. 1974-ж. Финляндиянын Куопио ш-нда музыка м-н бийдин салтка айланган фестивалы өткөрүлүп, ага Кыргыз мамл. филармониясынын бий ансамбли да катышкан. Анын официалдуу баасында сов. артисттердин жогорку профессионалдык чеберчилиги белгиленген.

1978-ж. октябрда респ-канын иск-во ж-а эл чыгармачылыгынын чеберлери Сов. Союзунун Швециядагы маданият күндөрүнө катышкан. А. Жумакматов жетектеген чыгармачылык чоң топто көрүнүктүү бийчилер м-н ырчылар, темир комузчулар ансамбли болгон. Концерттерге СССР эл артисти Б. Миңжылкиев да катышкан. 1979-ж. 22-сентябрдан 5-октябрга чейин Бельгияда СССР — Бельгия достук коому уюштурган СССРдин маданият күндөрүнө кыргыз артисттери да барган. Кыргыз мамл. филармониясынын артисттери Бельгиянын ж-а Люксембургдун Турноут, Брюссель, Льеж, Диль, Отель сыяктуу шаарларында концерт беришкен. 1979-ж. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Ч. Кожомжаров жетектеген кыргыз эстрада ансамбли, 1980-ж. Нарын маданият үйүнүн «Тоо гүлү» аттуу ыр ж-а бий ансамбли Монгол Эл Республикасында, 1973-ж. балет солисттери Кыргыз ССР эл артисти Р. Чокоева ж-а Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Б. Алымбаев иск-во чеберлеринин бригадасы м-н Чехословакияда гастролдо болушкан. 1974-ж. Кыргызстандын иск-во чеберлери Сириянын Дамаск ш-нда өткөн Эл аралык ярмаркада, Табка ш-ндагы Евфрат ГЭСинин курулушунда, Алеппо ш-нын коомчулугу алдында концерт беришкен. Ошол эле жылы Кыргыз ССР эл артисти Ж. Сейдахматова сов. кинематографисттердин делегациясы м-н бирге Румынияда болуп кайткан. 1975-ж. Измир ш-ндагы (Турция) Эл аралык ярмаркада Кыргыз ССР эл артисттери Т. Сейталиев, С. Токтакунова, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери Ч. Кожомжаров, А. Сапаралиев ж. б. катышкан иск-во чеберлеринин бригадасынын концерти болуп өткөн.

1976-ж. Кыргызстандын Ч. Кожомжаров жетектеген иск-во чеберлери Алжирдеги Эл аралык ярмаркага катышкан. Топтун ичинде Кыргыз ССР эл артисти Х. Мухтаров, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти А. Сапаралиев, Э. Молдокулова, Г. Момушева ж. б. болгон. 1977-ж. ГДРдин Лейпциг ш-нда өткөн Эл аралык күзгү ярмаркадагы концерттерге СССР эл артисттери К. Сартбаева, А. Токомбаева, Кыргыз ССР эл артисти Х. Мухтаров, Кыргыз мамл. филармониясынын Ч. Исабаев жетектеген комузчулар ансамбли, Кыргыз ССР эл артисти Ч. Базарбаев, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти З. Шаакеева ж. б. катышкан. 1980-ж.

балет солисттери А. Токомбаева, Ч. Базарбаев, о. эле СССР эл артисти Б. Миңжылкиев ВЭРде, Кыргыз мамл. бий ансамбли Францияда гастролдо болушкан.

Кыргыз артисттеринин, композиторлору м-н балетмейстерлеринин чет өлкөлөрдө кызмат өтөөсү элдердин достугун ж-а алардын арасындагы тыңчтыкты чыңдоого чоң салым кошууда. Мис., Кыргыз ССР эл артисти, балетмейстер К. Мадемилова 1970—72-ж. Улан-Батордо МЭР ыр ж-а бий ансамблинин ж-а хореография окуу жайынын репетитору болуп иштеген. 1974—76-ж. ал Ханойдогу хореография окуу жайында репетитор болуу м-н анда хореография курсун окуткан. Эки жылдын ичинде балетмейстерлердин атайын курсу бүткөрүлүп, ВСРдин балетмейстерлеринин биринкен күчү м-н концерт коюлган. Балет репетиторлору Р. Х. Уразгельдиев, Е. И. Левченко 1974—77-ж. Иранда Иран бий академиясынын алдында сов. методиканын негизиндеги классикалык балет мектебин уюштурушкан. Алар «Рудаки Холл» театрында балетмейстер болуп иштеп, «Шопенианаңы», Фирдоусинин «Шахнамо» поэмасы б-ча коюлган «Бежан менен Монеж» аттуу тунгуч перс классикалык балетин, түрдүү концерттик программаларды коюунун педагог-репетиторлору болушкан. Репетитор Р. Х. Уразгельдиев 1972—74-ж. Египеттеги Каир балет труппасынын көркөм жетекчиси болуп иштеген. СССР эл артисти М. Рыскулов 1964-ж. Улуу Британияда У. Шекспирдин туулган күнүнүн 400 жылдыгына арналган салтанатка катышып, юбилейлик концертте король Лирдин монологун кыргыз тилинде окуган. Өздүк көркөм чыгармачылык коллективдери да чет өлкөлөргө үзгүлтүксүз барып турушат: Ош обл-ндагы Совет р-нунун маданият үйүнүн ыр ж-а бий ансамбли 1975-ж. Польшада; Кыргыз кыз-келиндер педагогика ин-тунун комузчулар триосу 1977-ж. ГДР, Чехословакия, Венгрияда; Нарын обл-ндагы Жумгал р-нунун «Бекбекей» ыр ж-а бий коллективи ГФРде; Ош педин-тунун хору Болгарияда; Ысык-Көл обл-ндагы Рыбачье маданият үйүнүн ыр ж-а бий коллективи Сомали Респ-касында; Нарын обл-ндагы Кочкор р-нунун «Шаттык» ыр ж-а бий коллективи 1978-ж. Югославияда; Ош обл-ндагы Өзгөн р-нунун ыр ж-а бий коллективи Сирия м-н Иорданияда болуп кайтышкан. 1981-ж. СССРдин Швейцариядагы күндөрүнө Кыргыз ССР эл артисти Н. Давлесов жетектеген топ барган. Топтун ичинде СССР эл артисттери Б. Миңжылкиев, К. Сартбаева, А. Токомбаева, Ч. Базарбаев, Кыргыз ССР эл артисткасы С. Токтакунова болгон. 1982-ж. А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын балет труппасы Туниске, респ-калык куурчак театры Алжир Элдик Демокр. Респ-касына барган.

Чет өлкөлүк көптөгөн авторлордун адабий чыгармалары м-н пьесаларын кыргыз тилине которууга респкада өтө зор маани берилип, бул болсо чет өлкөлөр м-н адабий ж-а театрдык байланыштардын формасы болуп калды. Кыргыз авторлорунун чыгармалары да соц. ж. б. өлкөлөрдө улам көп басылып чыгып жатат. Драмалык ж-а музыкалык эң мыкты чыгармалар чет элдик театрларда ийгиликтүү коюлууда: Ч. Айтматовдун (К. Мухамеджанов м-н бирге) «Фудзиямадагы кадыр түнү» БЭР, ГДР, ЧССР, АКШ, Норвегия, Швеция, Финляндия, Англияда; анын инсценировкаланган чыгармаларынан: «Саманчынын жолу» Финляндияда (1976), «Гүлсарат» ГДРде (1976), «Улуу менен кездешүү» (радио үчүн) ЧССРде (1976), «Ак кеме» (радио үчүн) БЭРде (1976); К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясы ЧССРде (1977, 1980); М. Байжиевдин «Төрт адамы» ГДРдө (1975), ПЭРде (1976), ЧССРде (1976) көрсөтүлгөн.

Ошондой эле, кыргыз музыкалык ж-а драма театрларынын репертуарлары чет элдик авторлордун мыкты чыгармаларын да камтыйт. У. Шекспирдин «Отелло», «Король Лир», «Азоого чалма», К. Гольдонинин «Эки мырзанын малайы», «Трактирчи», Чао-Юяпын «Тайфун», Д. Флетчердин «Испан дин кызматчысы», Н. Хикметтин «Унутулган адам», Г. Фигейредонун «Эзоп», Ж. Б. Мольердин «Дворяндыкка жеткен конос», Ж. Бизенин «Кармен», А. Ш. Аландын «Жизель», Ж. Вердинин «Аида», Ш. Гунонун «Фауст», Д. Пуччининин «Чио-чио-сан» ж. б. республикалардын театрларындагы көрүнүктүү спектаклдерден болуп эсептелет. Кыргызстандын профессионал театрлары соц. өлкөлөрдүн драма чеберлеринин чыгармалары б-ча сов. коллективдер өткөрүп туруучу Бүткүл союздук фестивалдарга жигердүү катышууда. Мындай фестивалдар ЧССР, ГДР, ПЭР, БЭР ж-а ВЭРдин драма өнөрү б-ча өткөрүлгөн. К. Чапектин Кыргыз мамл. академиялык драма театрында коюлган «Эне», И. Эркендин Н. К. Крупская атн. Фрунзе орус драма театрында коюлган «Тоот, башкалар жана майор», И. Бурсандын «Никник», А. Баранганын Ош кыргыз драма театрында коюлган «Коомдук ой-пикир» драмалары ж. б. бул фестивалдарда дипломдорго татыктуу болгон. Мис., 1976-ж. гана Фрунзедеги спектакль ж-а концерттерди чет элдик 1600дөн ашуун турист көрүп, улуттук иск-во м-н тааныша алышты (к. *Музыка, Театр* макалаларын).



Киноактёр С. Чокморов, япониялык киноактёр Тосиро Мифунэ, кинорежиссёр Т. Океев ж-а өзбек кинорежиссёру А. Э. Хамраев эл аралык кинофестиваль учурунда. 1975.

Респ-канын ар кайсы шаарларынын концерттик залдарында, маданият дворецтери м-н үйлөрүндө көптөгөн өлкөлөрдүн эстрада артисттери ж-а коллективдери концерт беришкен, а. и. 1976—80-ж. Югославиянын белгилүү ырчысы Р. Караклаич катышкан эстрадалык ансамбль, Испан эстрада артисти Митчелл сов. эстрада ансамблинин көптөосунда, Япониянын жаз ансамбли, «Польша жазынын жылдыздары», Венгриянын белгилүү эстрада ырчысы Ж. Конц катышкан артисттер тобу, Аргентинанын «Аргентина тангосу» аттуу эстрада ансамбли, «Лос Мексиканос» триосу (Мексика), Перунун эстрада ырчысы М. Гонсолен Москонцерттин эстрадалык ансамблинин көптөосунда, пианист С. Димитрова (Болгария), эстрада ырчысы М. Лайферова катышкан Чехословакия эстрадалык ансамбли, Югославиянын «Биз Далмацияданбыз» аттуу эстрадалык ансамбли, пианист Г. Юре ж-а скрипкачы И. Вильгельм (Батыш Берлин), 1977-ж. пианист И. Ю. Данческу (ПЭР), Венгриянын «Фонограф» вокалдык-аспаптык ансамбли, пианист И. Крамперова (ЧССР), ГДРдин «Пулдио» эстрадасы, вокалист Е. Коларова (Болгария), пианист Г. Ланки (Италия), Югославиянын «Данилушка», «Индиянын музыкасы жана бийлери» вокалдык-аспаптык ансамблдери, Югославиянын Т. Нисович катышкан эстрадасы, «Илеш» эстрада тобу (Венгрия), Чехословакиянын А. Тих м-н М. Дробна жетектеген эстрада тобу, скрипкачы К. Маннберг (Швеция), Югославиянын И. Шефрези катышкан эстрада тобу, «Хеппи энд» вокалдык-аспаптык ансамбли (Польша), скрипкачы Ражям (Индия) ж. б. болгон.

1977-ж. Фрунзеде бал бийи лауреаттарынын көргөзмө

концерттери болуп өткөн. Ага соц. өлкөлөрдүн да (ВЭР, ГДР, ПЭР, ЧССР ж. б.) окуздөрү катышкан. Концерттин катышуучулары Кыргызстандын чыгармачыл кызматкерлери м-н жолугушуу өткөрүшүп, Фрунзедеги музей, китепкана ж-а клубдар м-н таанышкан. Респ-калык Эл чыгармачылык үйүнүн кино тобу бул окуялар ж-дө кыска метраждуу документ фильм тарткан.

А. Сырымбетов

Сүрөт өнөрү. Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү б-ча эл аралык маданий байланышынын пайда болушунда ж-а өнүгүүсүндө Венгриянын сүрөтчү коммунисттери, саясий эмигранттар Б. Унтц м-н Л. Месароштун чыгармачылыгы маанилүү орунду ээлейт. Живописчи-монументалист Б. Унтц Фрунзеге 1935-ж. келген. Анын демилгеси м-н чакан студия түзүлгөн. Б. Унтцтин шакирти Л. Месарош 1937-ж. О. Азиядагы тунгуч скульптура өнөркапасын уюштурган. Ал чыгармачыл жаштарды тарбиялоого олуттуу көңүл буруп, Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун карамагында ачылган сомдоо ж-а скульптуранын негиздери б-ча көркөм сүрөт студиясынын тунгуч окутуучуларынан болгон. Венгр сүрөтчүлөрүнүн чеберчилиги 30-жылдары Москва, Ленинграддан келишкен орус совет живописчилеринин ж-а графикачыларынын чыгармачылыгы м-н бир катар Кыргызстандын профессионал көркөм сүрөт өнөрүнүн калыптанын өнүгүшүнө, Батыш Европа өлкөлөрүнүн көркөм мектептеринин классикалык мурасын жайылтууга жардам берген.

50-жылдары кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн чет өлкөлөр м-н маданий байланышын чыңдоого сүрөтчү С. А. Чуйков өтө зор салым кошкон. Анын «Советтик Кыргызстандын кызы» ж-а «Чабандын кызы» аттуу сүрөттөрү Брюсселдө болуп өткөн Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө (1958) азыркы кыргыз кыздарынын образын жогорку көркөмдүктө туюндургу үчүн Алтын медалга татыктуу болгон. 1952- ж-а 1957-ж. С. А. Чуйков СССР сүрөтчүлөр союзунун делегациясы м-н Индияга барган. Индия элинин улуттук турмушунун озгочолүктөрүн чагылдырган көптөгөн этюддар анын эң мыкты пейзаждык, жанрдык ж-а портреттик композицияларынын негизин түзгөн. Алар: «Индиянын жоноко адамдары тууралуу» (1960) ж-а «Алар жашагысы келет» (1967) триптихтери, «Бизднн бир туугандар» сүрөттөр сериясы (1968). Индия элинин сов. сүрөтчүнүн чыгармачылыгына терең ыраазылыгы анын сүрөттөрүнүн көргөзмөсүн Дели м-н Мадраста өткөрүүдөн (1968) ж-а ага Ж. Неру атн. мамл. сыйлыкты ыйгаруудан айкын көрүнөт.

60-жылдары ж-а 70-жылдардын башында Кыргызстандын сүрөтчүлөрүнүн чет өлкөлөрдүн прогрессчил иск-восу м-н байланышы кеңейген. СССР сүрөтчүлөр союзунун чыгармачылык топторунун, СССРдин чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыштар коомунун составында живописчилер, скульпторлор ж-а графикачылар С. А. Чуйков, Г. А. Айтиев, А. И. Игнатьев, А. Н. Михалёв, Л. А. Ильина, Т. Садыков, Ж. Үмөтов, А. С. Осташев, А. И. Мисюрев ж. б. ПЭР, ВЭР, РСР, БЭР, ЧССР, Финляндия, Италия, Греция, Камбучия, Бирма, Индия, Япония, Канада, Франция, Австрия, Сирия, Ирак ж-а Иорданияда болуп кайтышкан. Бул жерлерде кыргыз совет живописинин, графикасынын, колдонмо өнөрүнүн чыгармаларынын репродукцияларынан көргөзмө уюшулуп, алар адатта совет иск-восунун жетишкендиктерине өтө кызыккан көрүүчүлөр м-н жолугушуулар, пикемелешүүлөр м-н аяктаган. Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн, скульпторлорунун ж-а графикачыларынын чыгармалары Монреалдагы (Канада) «Экспо-67» Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөсүнө катышкан. Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү Л. А. Ильинанын графикалык иштери эстамптын (Любляна, 1963; Лейпциг, 1965), графиканын (Берлин, 1965), китеп ж-а иллюстрациялардын (Краков ж-а Брно, 1966), графиканын (Берлин, 1967) эл аралык көргөзмөлөрүндө кеңири көрсөтүлгөн. 1967—68-ж. анын чыгармаларынын көпчү көргөзмөсү ЮСФРде, ПЭРде, ЧССРде экспонатталган.

Кыргыз ССРинин чет өлкөлөр м-н көркөм сүрөт өнөрү б-ча байланыштары 70-жылдардын 2-жарымында айрыкча чыңдалды. 1975-ж. Соц. өлкөлөрдөгү сов. искөвонун көчмө көргөзмөсүндө Г. А. Айтиев, Л. А. Ильина, А. Усубалиев, А. И. Игнатьев, Ж. Үмөтов ж-а Е. Кузовкиндин чыгармалары көрсөтүлгөн. 1976-ж. ПЭРде СССР эл сүрөтчүсү Г. А. Айтиев м-н С. Айтиевдин сүрөт көргөзмөсү экспонатталган. 1977-ж. Лейпцигде (ГДР) өткөн совет иск-восунун көргөзмөсүндө чет элдик көрүүчүлөр кыргыз скульторлорунун Т. Садыковдун «Д. Күйүковдун портрети», В. Шестопал м-н А. Мухутдиновдун «20-жылдар», О. М. Мануйловдун «Майданга жардам» аттуу чыгармалары м-н таанышышкан. 1978-ж. Эрфуртта (ГДР) өткөн Эл аралык көргөзмөдө Ж. Үмөтовдун чыгармалары («Үламыш» ала кийиз ж-а чийден жасалган «Сырдуу түн» панносу) Биринчи сыйлыкка татыктуу болгон.

Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү б-ча маданий байланыштарын респ-канын Маданият министерствосу, Кыргыз ССР сүрөтчүлөр союзу, Кыргыз мамл. көркөм сүрөт өнөрүнүн музейи, Көркөм фонд, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси тейлейт. Бул байланыштар улам өсүп чыңдалууда. СССРдин чет өлкөлөрдө өткөрүлүүчү маданият күндөрүнүн программасынын ичинде «Кыргыз көркөм сүрөт жана колдонмо өнөрү» көргөзмөсү Швецияда (1978) ж-а Бельгияда (1979), кыргыз графикасынын көргөзмөсү Данияда (1979), кыргыз графикасы м-н колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү Францияда (1980), кыргыз живописи м-н жасалга колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү ПЭРде (1979), МЭРде (1980) болгон. Колдонмо өнөр сүрөтчүсү, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү Ж. Үмөтовдун чыгармаларынын ЧССРдеги көргөзмөсү (1980) ийгилик м-н өткөн.

Чет өлкөлөрдүн Кыргызстандагы көргөзмөлөрүн даярдоодо Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейи олуттуу иштерди жүргүзүүдө. Анда ЮСФРдин фото көргөзмөсү, Варшава сүрөтчүлөрүнүн көргөзмөсү (1977) ж. б. уюшулган. Ал СССРдин чет өлкөлөрдөгү көчмө көргөзмөлөрүнө айрым экспонаттарды даярдоого да катышат. Музей 1978-ж. АКШга жөнөтүлгөн «СССРдеги спорт» көргөзмөсүнө сүрөтчү Г. Тальбергдин «Гимнаст кыздар» сүрөтүн даярдаган. Кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн чыгармалары чет өлкөлөрдүн сүрөт галереяларында экспонатталууда. Мис., Дрезден сүрөт галереясында, Софиядагы улуттук музейде, Делидеги Көркөм музейде С. А. Чуйковдун; Будапеттеги Улуттук галереяда Л. А. Ильинанын; Варшавадагы иск-во музейинде Г. А. Айтиевдин; Бангладеш Респ-касынын Улуттук музейинин экспозицияларында Т. Садыковдун эмгектери көөлган.

Биздин респ-канын иск-восунун соц. өлкөлөрдүн ж-а дүйнөнүн прогрессчил сүрөтчүлөрү м-н чыгармачылык байланыштары жыл сайын чыңдалып, жемиштүү өнүгүүдө.

В. Будайчиев

Кыргыз адабияты чет өлкөлөрдө. Чет өлкөлөрдө кыргыз элинде, анын фольклорунда, маданий эстеликтеринде кызыгуу 19-к-дын ортосунан башталган. «Орус географиялык коомунун кабарларында» «Көчмөн кыргыздар жөнүндө маалыматтар» аттуу чакан макала жарыяланып (1851), ал 1852-ж. өзө Германияда көторулуп басылган. 1856-ж. Ч. Валиханов, 1862-ж. В. Радлов «Манас» эпосун алгачкы жолу жазып алышкан. Бул ж-дө маалыматтар 1863-ж. бир катар европалык журналдарга жарыяланган. 1885-ж. Петербургда басылып чыккан «Түндүк түрк уруулары» элдик адабиятынын үлгүлөрү» өзөл өзө жылы Лейпцигде басылган. Кыргыз фольклору ж-дөгү 20-к-дын башындагы эмгектердин көпчүлүгүндө анын азыркы иск-вого тийгизген таасири изилденген. Кыргыз эл ырларынын поэтикалуулугу, анын азыркы музыкадагы орду ж-дө В. Лапдовская (Париж, 1937—38) жазган.

Октябрдан кийин эпостун ар түрдүү варианттарын жыйноо б-ча жүргүзүлгөн зор иштер чет өлкөлөрдө кубатталган. 1937-ж. Францияда «Манас» эпосунан

үзүндү, 1959—60-ж. манасчы Салкбай Каралаев ж-дө макала жарыялангаи. «Франс пувель» «Манас» эпосун «Кыргыз жөрөнүн Илиадасы» деп атаган. Англияда кыргыз эпосу, акындары ж-дө маалымат 1967-ж. жарыяланган. Сибирь м-н О. Азиянын эпосторуна А. Хаттонун бир катар изилдөөлөрү арналган (1969, 1975).

ГДРдө кыргыз элинин эпосу ж-дө «Майёрс нойес Лексикондун» бардык басылыштарында — кыскача 8 томдукта (1961) ж-а 18 томдукта (1974) кабар берилет. Немецтик «Нойес Дойчланд», «Берлинер Цайтунг» (1966) газеталары манасчы Салкбай Каралаев м-н жолугушуу жөнүндө жазышкан. «Манас» эпосунун бир эпизоду «Зинн унд Форм» журналына жарыяланган (1966). «Манас» эпосу жөнүндө кеңири маалымат «Литературен дер Волкер дер Советунион» (1967) аттуу китепте берилген. «Фольк унд Вельт» басмасы 1974-ж. «Кең пейил Манас» аттуу повесттн жарыялаган. «Манасты» басып чыгаруу ниши өтө тыкан даярдалган. «Фольк унд Вельт» басмасынын башкы редактору Л. Кошут эпостун үзүндүлөрүн С. Караласвдин айтуусунда уккан. «Манас» ири көлөмдө 1975-ж. Л. Горнунгдун мыкты көтормосунда басылып чыккан.

Чет өлкөдө «Манас» эпосуна ыклас коюу адабият таануу кызыкчылыгынан эле эмес, совет элинин маданиятын үйрөнүү максатынан улам келип чыккан. Турциялык окумуштуу Абдылкадырдын эмгеги (1959) кыргыз эпосун оригинал б-ча изилдөөгө арналган. Профессор К. К. Юдахин түзгөн «кыргызча-орусча создук» 40-жылдары Турцияда көторулган. Швед, поляк, венгр, болгар, чех, монгол ж. б. тилдерде кыргыз фольклорунун айрым үзүндүлөрү ж-а «Манас» ж-дө макалалар басылган. Изилдөөчүлөр кыргыз фольклорунун поэтикалуулугун, өткөндүн мыкты салттарын чагылдыруусун гана эмес, аны башка элдердин эпостору м-н жакындаштырып, бүгүнкү күндө да маанисин сактап турган терең гуманисттик мазмунун белгилешет.

Кыргыз адабияты Окт. рев-ясынан кийин болуп көрбөгөндөй ылдамдык м-н өнүктү. Тарыхый кыска мезгилде эле рев-га чейин жазмасы жок эл бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон чыгармаларды жаратып, дүйнөлүк адабиятка салым кошту. Кыргыз акын-жазуучулары Т. Сатылганов, Тоголок Молдо, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, К. Баялинов, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, А. Осмонов, Т. Үмөталиев, С. Эралиев, М. Жангазиев, М. Абылкасымова, Ш. Бейшеналиев, К. Бектенов, Б. Сарногоев, Т. Касымбеков, К. Каимов, М. Байжиев, Ж. Мавлянов, К. Акаев, Р. Рыскулов, С. Абдыкадырова, Н. Жаркымбаев, Т. Кожомбердиевдин чыгармалары көп чет тилдерге көторулду. Ч. Айтматов АКШдагы М. Твен атн. адабий клубдун мүчөлүгүнө, ГДРде Германия искусство академиясынын ардактуу мүчөлүгүнө шайланып, Ш. Бейшеналиев Г. Х. Андерсен атындагы ардак дипломго арзып, А. Токомбаевдин чыгармалары англис, немец, венгр ж-а поляк тилдеринде, Т. Сыдыкбековдун чыгармалары болгар, венгр, кытай, немец, поляк, румын, финн, чех, словак тилдеринде жарыяланып, Ч. Айтматовдун ысмы бүткүл дүйнө таанымал болду. Анын чыгармалары 49 чет тилге көторулду (1982). ГДРде Ч. Айтматовдун чыгармаларынын тиражы 1200 мингден ашкан. Эрфуртта СССРдин 50 жылдыгынын урматына уюштурулган 7-адабий конф-я лепилдик улут саясатынын жүзөгө ашышынын ачык үлгүлөрүнүн бири болгон Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына арналган. К. Маркс атн. университеттин эмгектерине жарыяланган изилдөөлөр м-н макалаларда, күндөлүк басма сөз беттеринде Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы бир топ жалпы маселелер — бүткүл совет адабиятындагы актуалдуу бир катар проблемалар: соц. реализм, фольклор ж-а азыркы учур, салт ж-а жаңычылык, элдин образы, биздин замандын каармаңы, улуттук ж-а интернационалдык белгилердин биримдиги, көркөм чеберчилик ж. б. маселелер көзгөлгөн (Р. Опиц, Х. Плавпус, А. Латхинан, К. Флиге ж. б.).

Болгарияда Ч. Айтматовдун дээрлик бардык повесттери бир нече ирет басылып чыкты. Айрымдары П. Заревдин «Болгар адабиятынын панорамасы» аттуу монумент эмгегинде изилдөөгө алынган. П. Зарев, М. Митовска, И. Цветков, В. Колевски, М. Бояжиева, И. Рунк, А. Свиленов ж. б-лар Ч. Айтматовдун чыгармаларынын болгар адабиятына жакындыгын, алардын эл турмушу м-н болгон терең байланышын, улуттук мүнөздөрдүн толук кандуулугун, кайталангыстыгын, улуттук ж-а интернационалдык көрүнүштөрдүн биримдигин, фольклордук мотивдер м-н бүгүнкү күндүн чындыгы бекем ширелишин турганын белгилешкен.

Италияда Ч. Айтматовдун повесттеринин 1961-ж. ж-а 1973-ж. жарык көрүшү басма сөздө кызуу пикир алмашууларды пайда кылды. Италян сыны Ч. Айтматовдун чыгармаларын изилдөөнү соц. өлкөлөр м-н болгон маданий байланыштардын маанилүүлөрүнө кошот. 1973-жылдан «Советтик жазуучулар жана Чыгыш Европа жазуучулары» аттуу сериялы басып чыгара баштаган «Мурсия» басмасынын демилгеси коомчулуктун колдоосуна ээ болду. Италиянын коммунисттик басма сөзү Ч. Айтматовду азыркы мезгилдеги эң көрүнүктүү совет жазуучуларынын бири деп эсептейт. Андриано Гуэрранын айтымында (1973) анын чыгармаларынын борб. маселеси — жазуучунун келечек муундардын тагдыры үчүн болгон жоопкерчилиги.

«Эрте жаздагы турналар» ж-а «Деңиз бойлой жорткон ала добот» повесттериндеги гуманизм ж-а адам рухунун улуулугун ачып бергендиги үчүн Вольтер ш-нын көркөм коомчулугу Ч. Айтматовго «Этрурия» (Италия, 1980) сыйлыгын ыйгарган.

Совет адабиятындагы оң идеалды колдобогон сынчылар да Ч. Айтматовдун повесттерин Чыгыш элдеринин поэтикалык шедеврлерине кошун, аларды адамкерчилиги терең ж-а чынчыл чыгармалар деп эсептешет. Кандай гана саясий көз караштагы сынчы болбосун, алар жазуучунун көркөм чеберчилигин, чыгармаларынын гуманисттик багытын, поэтикалуулугун, лиризмин танышпайт.

Францияда Ч. Айтматовдун чыгармалары 1959-жылдан жарыялана баштаган. Анын басылган чыгармаларынын, мезгилдүү басма сөздө жарыяланган макала, рецензияларынын библиографиясы абдан көп. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизги маселелери Л. Арагон, А. Стиль, П. Гамарра, А. Вюрмсер, К. Куффон, Т. Рено, Ж. Дарль ж. б-дын макалаларында каралган. Француз сыны жазуучуну социалпам тушунда болуп көрбөгөндөй маданиятка жетишкен кыргыз элинин турмушунун күбөсү ж-а өткөндүн эң мыкты салттарын учурдун ой-мүдөөлөрү м-н терең айкалыштырган сүрөткер катары кабыл алды. Француз сыны Ч. Айтматовдун прозасынын терең гумандуулугун, этикалык маселелердин көөлушун, поэтикалуулугун, автордун палитрасынын байлыгын белгилейт.

70-жылдардын башында Лондондо «Ходдер энд Стаутэтон» басмасы Ч. Айтматовдун повесттерин жарыялаган соң, мезгилдүү басма сөздө аларга пикирлер айтыла баштаган. «Хэмстед тиэтрдин» сахнасында анын К. Мухамеджанов м-н бирге жазган «Фудзиямадагы кадыр түн» пьесасы көөлган. Ч. Айтматовдун чыгармаларына кызыгуу артып, таланты кеңири таанылды, бирок анын чыгармаларын талдоо курч саясий кырдаалда өттүдө. «Ходдер энд Стаутэтон» басмасы «Гүлсарат» м-н «Ак кеменн» Д. Френч м-н Т. ж-а Г. Фейферлердин оригиналга жакын мыкты көтормолорунда автордун биографиясы, «Ак кеме» повести ж-дө биздин өлкөдө жарыяланган айрым пикирлер ж-а Ч. Айтматовдун көптөгөн окурмандарга берген жооптору м-н көөлө жарыяланган. «Морнинг стар» газетасы англис окурманына аны чоң сүрөткер катары тааныштырган. М. Блумберг (1972) «Ак кеме» повестинин филос. тереңдигин ж-а поэтикалуулугун баса белгилеген. СССР м-н маданий байланыштар коомунун аткаруу комитетинин мүчөсү Д. Огден Ч. Айтматовдун повесттерин дүйнөлүк адабий процесстин нугунда карайт.

АКШда «Тоолор жана талаалар повесттери», «Ак кеме» 60-жылдардын аягы — 70-жылдардын башында которулган. Бирок «Краун» басмасы «Ак кеме» повестин көп тираж м-н басып чыгарып, анда соц. реализм адабиятын аябай каралаган баш сөздү көпө жарыялаган. Бул амер. прогрессчил сындын кыжырданусун туудурду. Кыргыз жазуучусу ж-а анын чыгармачылыгы ж-дө жылуу пикир айтуу м-н Р. Киффер (1975) «Гүлсарат» повестинин айрым бир көрүнүштөрүн грек ж-а француз эпикалык поэмаларынын мыкты үзүндүлөрү м-н салыштырат. «Дейли уорлд» газетасы (1975) Ч. Айтматовдун «Социалисттик реализм — азаттык күрөштүн куралы» макаласын жарыялаган. Совет адабиятына кас сын автордун оң идеалын жокко чыгарып, каармандарды алар жашаган соц. турмуштан бөлүп кароого аракет кылат. Өз ара түшүнүшүүнүн онүгүшүнө Москвада «Сатерди ревью» ж-а «Иностранная литература» журналдарынын демилгеси б-ча өткөрүлгөн жазуучулардын сов.-америкалык 1-жолугушуусу (1978, 28—30-июнь) зор салым кошкон. Анда дүйнөлүк адабий процесстеги кыргыз адабиятынын маанилүү орду белгиленген. Улуттук ж-а интернационалдык көрүнүштөрдүн айкалышы, дүйнө тагдыры үчүн жоопкерчиликти сезе билүү, терең адамкерчилик кыргыз адабиятын чет элдик окурмандын сүймөнчүлүгүнө ээ кылды.

Е. И. Шагалова

Эл аралык спорттук байланыштар. Кыргыз спортсмендери биринчи жолу чет өлкөгө 1948-ж. барышкан. СССРдин спорттук делегациясынын составында респ-канын 10 гимнасты Сокольский слётуна (Прага, ЧССР) катышкан. Кыргызстанда 1957-ж. футбол б-ча биринчи эл аралык жолугушуу болуп, Фрунзенин футболчулары Финляндиянын «Ваас» командасын кабыл алган. Кийинки жылдары кыргыз спортсмендери өзүнчө делегация болуп ж-а өлкөнүн курама командасынын составында ар кандай өлкөлөрдүн өкүлдөрү м-н эл аралык көп жолугушууга катышууда. 1958—59-ж. респ-кабызга КЭДРдин волейболчулары ж-а футболчулары, 1962-ж. Кампучиянын баскетболчулары, Финляндиянын сууда сүзгүчтөрү келишкен. Кыргызстан м-н Афганстандын курама командаларынын спорттун ар кандай түрлөрү б-ча беттешүүлөрү салтка айланды. 60-жылдарда баскетбол б-ча эркектер командасы Афганстандын курама командасын кабыл алып, Кыргызстанга футболчулар, волейболчулар, эркин күрөш б-ча балбандар келишкен. Фрунзе м-н Улан-Батордо Кыргызстан м-н МЭРдин спортсмендеринин ортосунда жеңил атлетика, волейбол ж-а баскетбол б-ча мелдештер өткөрүлгөн. 70-жылдары кыргыз жеңил атлеттери Индияда, волейболчулары Бангладеште, спорттун бөлүнүп түрү б-ча спортсмендер Чехословакияда, фехтовальщиктер Венгрияда, ат спортсмендери Польшада жолдоштук беттешүүлөрдө катышкан. Кыргыз спортунун алдыңкы мастерлери СССРдин курама командасынын составында дүйнөнүн 60тан ашык өлкөлөрүнө барып, спорттук мелдештерге катышкан. Жылдан жылга респ-кабыздын спортсмендеринин чет өлкөгө барышынын саны өсүүдө. 1977—80-жылдары жылына 40тай спортсмен чет өлкөдө болушкан. Респканын спорт б-ча эл аралык байланышы улам барган сайын кеңейип, тереңдөөдө.

Т. Ж. Каримбаев

Эл аралык туризм. Кыргыз ССРинин маданий-экон. байланышы эл аралык туризмдин багыты б-ча пийлигүү өнүгүүдө. 1965-ж. Бүткүл союздук акционердик «Интурист» коомунун респ-калык бөлүмү түзүлгөн. Бөлүмдүн негизги милдети — респ-кабызга келген чет өлкөлүк туристтерди кабыл алуу ж-а аларды маданий-турмуштук жактан тейлоо, коммунисттик курулуштун жетишкендиктери, Кыргызстандын жаратылышы ж. б. м-н тааныштыруу. Кыргызстанга туристтер 1966—70-ж. 21 өлкөдөн, 1971—75-ж. 30 өлкөдөн, 1976—80-ж. 34 өлкөдөн келип кеткен.


Жыл өткөн сайын туристтердин саны өсүүдө: 10-беш жылдыкта 8-беш жылдыкка караганда 11 эсе, 9-беш жылдыкка караганда 2 эсе көп кабыл алынган. Көпчүлүк туристтер соц., о. эле АКШ, Канада, Англия, Франция, ГФР, Италия, Япония сыяктуу капиталисттик өлкөлөрдөн да келишет.


Мындан сыртқары чет элдик меймандарды кабыл алуу Экскурсия ж-а туризм б-ча совет, о. эле Кыргызстан ЛКЖС БКнын эл аралык жаштар туризминин бюросу «Спутник» аркылуу ишке ашырылат. Өз кезегинде сов. туристтер жыл сайын бардык соц. ж-а көптөгөн капиталисттик өлкөлөрдө, а. и. Европа ж-а Түш. Чыгыш Азия өлкөлөрүндө болушат.

Ш. Кулов

Ад.: 50 лет советской внешней торговле, М., 1967, 320 с.; Молдустанов Т., Кыргызстандын экономикалык байланыштары, Фр., 1968, 65 б.; ошонуку, Кыргызстандын социалисттик өлкөлөр менен болгон экономикалык жана маданий байланыштары, Фр., 1969, 84 б.; Мурзабеков Т., Молодёжь и научно-технический прогресс, Фр., 1971, 83 с.; Содружество социалистическое. СЭВ: итоги и перспективы, М., 1973, 272 с.; Шаршеев Ж. И., Лениндик достуктун жемиши, Фр., 1975, 49 б.; Киргизская литература за рубежом. Взаимосвязи киргизской литературы с литературами зарубежных стран, Фр., 1980, 130 с.

БОРБОР, ОБЛАСТТАР ЖАНА РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР





Фрунзе ш-нын борб. болүгү. Ысык-Көл обл-нын чек арасы.

ФРУНЗЕ — КЫРГЫЗСТАНДЫН БОРБОРУ

Жалпы маалымат. Фрунзе — Кыргыз ССРинин борбору. Респ-канын саясий, экон., илимий ж-а маданий борбору; транспорттук башкы түйүн. Аянты 123,5 *км*² (12,3 миң *га*) Калкы 576,8 миң (1983). Шаар 4 районго бөлүнөт: Ленин, Октябрь, Биринчи Май, Свердлов. Фрунзе ш. 1978-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Табияты. Фрунзе ш. Кыргыз Ала-Тоосунун этегинде, Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө, Ала-Арча ж-а Аламүдүн сууларынын шилендиси пайда кылган түздүктө деңиз деңгээлинен 750 *м* бийиктикте жайгашкан. Климаты континенттик. Июлдун орточо температурасы 24,5°С, эң жогоркусу 42°Сге жеткен; январдыкы —4,6°С, эң төмөнкү температурасы —38°С болгон. Жыл бою 0°С дөн жогорку температуралуу мезгилдин орточо узактыгы 267 күн. Жайы ысык ж-а кургак. Кардын калыңдыгы 15 *смге* жетет. Жылдык жаан-чачыны 400 *ммге* чейин. Фрунзе — СССРдеги эң күнөстүү шаарлардын бири. Жылдын 322 күнү (же 2590 саатка жакыны) ачык болот. Жааган жаан-чачындын өлчөмү ж-а мүнөзү б-ча шаар кургак талаа зонасына кирет. Абанын салыштырмалуу орточо нымдуулугу январда 68%, июлда 44%. Жылдык орточо буулануусу 964 *мм*. Бул жылдык жаан-чачындан болжол м-н 2,5 эсе көп. Шаарга тоодон шамал согуп турат. Абанын жылдык орточо басымы 928,8 *мб*. Фрунзе сейсмдүүлүгү 9 баллдуу зонада жайгашкан. Шаар аркылуу Ала-Арча, Аламүдүн суулары ж-а Чоң Чүй каналы агып өтөт. Шаардан түн.-чыгышта Чөмүч плотинасы (Кыргызстандагы биринчи ири ирригациялык курулуш) жайгашкан. Ал Чүй суусун Ат-Башы каналы б-ча Кыргызстандын талааларына, Георгиевка каналы б-ча Казакстанга бөлүштүрөт. Фрунзеден 5—7 *км* аралыкта жайгашкан Аламүдүн ГЭСинин көлмөлөрү шаардыктардын жайкы эс алуу зонасына айланган. Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычы (40 млн *м*³) жакын жайгашкан жерлерди сугарууга ж-а эс алуу зонасы катары пайдаланылат. Анын айланасындагы 1200 *га* жерди бак-даракчар өөлейт. 1979-ж. шаардын аймагында ысык-минералдуу булактар (температурасы 39°С) табылган. Фрунзе ш-ндагы бак-даракчардын жалпы аянты 4,2 миң *га*, а. и. жалпы пайдалануудагы бак-даракчар 1038 *га* (1981). Ар бир адамга туура келген бактын аянты (19 *м*²) б-ча Фрунзе СССРдеги эң бак-даракчуу шаарлардын катарына кирет. Көчөлөрүнүн эки тарабына бак м-н бадалдын (кара жыгач, эмен, терек, ак кайың, каштан ж. б.) 150дөн ашык түрү отургузулган. Шаарда 6 маданий ж-а эс алуу паркы, 8 токой паркы, 35 сквер, 11 шаар багы, 2 бульвар ж. б. бар. Шаардын түш. тарабында Кыргыз ССР ИАнын Ботаника багы (аянты 60 *га*) жайгашкан. Кыргызстандын илимпоздору тарабынан дарак ж-а бадалдардын 1700 түрү (сибирь кызыл карагайы, америка зарасы, кара ольха, самшит, карагат, кара бузина, кипарис, жасмин, кайың, ак чечек, жемиш бактары м-н жүзүмдүн түштүктө өсүүчү сорттору ж. б.), жемиш багынын, көп жылдык гүл, дары-дармек, эфир майлуу, тоют ж. б. өсүмдүктөрдүн жүздөгөн сорту өстүрүлгөн. Алардын көбү климатташтырылып, шаардын көчө, бульвар, скверлерине отургузулган. Фрунзенин түш-чыгышында жаңы Ботаника багы үчүн 130 *га* жер бөлүнгөн. Эң кийинки жашыл массив — «Достук» маданий ж-а эс алуу паркы (аянты 20 *га*). Мында мырза карагай, мүрөк дарак, ак чечек, кайың, жаңгак, свидина, каштан, зарак, моюл, лигустра, жасмин, шилби, ак акация ж. б. өсөт. Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү 120 *га* аянтты ээлейт. Мында көптөгөн алма аллеялары, гүлзар, газондор бар.

Калкы. 1884-жылдан 1983-жылга чейин шаардын калкы 2,1 миңден 576,8 миңге чейин өстү. Чүй өрөөнүндө калктын жайгашуусу айрым агломерациялардан турат. Эң ири Фрунзе агломерациясы шаардан башка дагы 14 кыштакты биriктирет. Шаарга батыштан Военно-Антоновка ж-а Ново-Павловка, чыгыштан Аламүдүн, Лебединовка ж-а Ново-Покровка, түндүктөн Төмөнкү Ала-Арча, Маевка, Пригородный, Ленин, түштүктөн Чоң-Арык, Киргизия, Орок, Орто-Алыш ж-а Кок-Жар кыштактары танапташ жайгашышкан; алар шаар м-н эмгек ж-а маданий-турмуш тиричилик жактан тыгыз байланышта. Ново-Павловка, Аламүдүн, Лебединовка, Пригородный, Төмөнкү Ала-Арча ж-а Маевка кыштактарынын калкынын 70% Фрунзенин ишканаларында ишт-

Калкынын саны, миң м-н

Жылы	1884	1897	1913	1926	1940	1960	1970	1983
Саны	2,1	6,6	14,0	35,5	104,5	234,4	428,9	576,8

тейт. Фрунзе агломерациясынын калкы 678,5 миң (1982), анын 113 миңи агломерациянын кыштактарында жашайт.


Тарыхы. 1825-ж. Кокон ханы Мадалинин буйругу б-ча О. Азия м-н Кытайды байланыштырган байыркы соода жолунда (Верныйга кеткен жол м-н кесилишкен жерде) Пишпек чеби негизделген. Чеп 6 *га* жерди ээлеп, 2 катар сокмо дубалдан ж-а анын сыртынан топурактан айланта салынган жалдан турган. Чептин айланасында көрбөн сарай, базар, майда устаканалар ж-а соодагерлер м-н кол өнөрчүлөрдүн турак жайлары жайгашкан.

Кыргызстандын Россиянын курамына ыктыярдуу кошулушу (1863) Кыргызстандын экономикасы м-н маданиятынын андан ары өнүгүшүнө түрткү болгон. 1867-ж. Кыргызстандагы 1-админ.-аймактык бирдик — Токмок уезди (Борбору — Токмок ш.) уюшулган. Бирок Токмок Верный — Пишпек — Ташкен жолунан обочо ж-а айланасы саздуу ыңгайсыз жерде жайгашкан. Ал эми негизги жолдор (Кашкардан Сыр-Дарыя ж-а Фергана областтарына өтчү көрбөн жолдору, о. эле Верный, Каракол, Нарын ж-а Ташкенден келген 4 почта жолу) Пишпек аркылуу өтүп турган. Мында почта болүмү, телеграф станциясы бар чоң кыштактын пайда болушу келечекте шаардын коомчулугун түзө турган соодагерлер м-н жумушчулардын топтолушуна шарт түзгөн. 1878-ж. Пишпектин уездик шаар укугун алышы анын соодасы м-н экономикасынын жогорулашын тездеткен. Ал Кыргызстанда европалык типте салына баштаган 1-шаарга айланган. Ошондо эле шаар курулушунун негизги планы коллеж асессору Николаев тарабынан түзүлүп, аны генерал-губернатор Г. А. Колпаковский бекиткен. Планда аскер посёлкасын — форпостту куруу каралып, ага казарма, түрмө, чиркөө ж. б. кирген; кочо, аянт ж-а кварталдары белгиленген. 19-к-дын 80-жылдарында Пишпек Чүй өрөөнүнүн борбору болуп калган. 1897-жылдагы эл каттоо б-ча Пишпекте 6,6 миң киши жашаган. Анда кыргыз, орус, белорус, украин, дунган, өзбек ж-а татарлар болгон. Калкы негизинен эгин айдоо, жашылча өстүрүү, багбанчылык ж-а соода м-н кесиптенишкен. 1913-жылкы маалымат б-ча Пишпектин өз. ж-ы кустардык типтеги бир нече ишканалардан туруп, 100дөй жумушчу иштеген. Шаардын өсүшүнө ж-а анын экономикасынын жогорулашына карабастан рев-лга чейин Пишпек чаң баскан, ыплас кыштак болгон. Борборунда жыгач ж-а кирпичтен салынган бир нече имарат, 2 чиркөө, 2 мечит, калган жеринде сокмо тамдар жайгашкан. Сууну арыктан алышкан. Ошол кездеги Пишпектин шаар башчысы И. Терентьев «Жети-Суу областынын эскерме китепчесинде» аны төмөнкүчө мүнөздөйт: «Мещандар жергиликтүү элден жерди арендага алып, коон, дарбыз, кара куурай жана күн карама эгишчү. Алар дарбызды Нарын менен Пржевальскиге алып барып сатышчу. Ал эми кара куурай менен күн карамадан жылына 1000 пуд май алышчу. Дунган мещандары кыргыздардан Чүй суусунун жээгинен арендага алган жерине негизинен шалы өстүрүп, жылына 1000 пуд түшүм жыйнашчу. Күрүч Пишпектен Түркстан жана Талаа крайларынын бардык шаарларына жөнөтүлүүчү. Пишпекте 2 кулмак плантациясы болгон. Илья Фетисов жылына 60 пуд швейцария сырын жасайт. Шаарда 2 булгаары, 1 май заводу бар. Шаарда сыртан келгендер үчүн мейманкана же түнөөчу жай жок... Шаарда 752 үй бар, анын сокмо, кыштан жана таштан салынып, үстү камыш менен жабылганы 728, жыгачтан салынып, темир менен жабылганы 7, таштан салынып, темир м-н жабылганы 6...»

Копос Ходаевдин басмаканасы (шаар башчысынын буйругун ж-а жерг. тобөлдөрдүн күбөлүк катын басып чыгарып турган), тегирмен, арак з-ду, устакана ж-а ремонт мастерскойлору иштеген. Шаарда 3 окуу жайы (багбанчылык, эркектердин эки жылдык ж-а аялдардын бир жылдык чиркоого караштуу мектеби) болгон.

Чиновниктердин ж-а колунда барлардын балдары гана окуган. Билим берүүгө жумшалган чыгым түрмөнү карап турууга кеткен каражат м-н дээрлик бирдей болгон.

Октябрь рев-лсы жеңгенден кийин Пишпек Түн. Кыргызстандагы рев-ячыл күрөштүн борборуна айланган. 1918-ж. 1(14)-январда шаарда Совет бийлиги орнош, О. Азия улуттук респ-каларга бөлүнгөндөн кийин (1924) Пишпек Кыргыз автономия областынын салсий-админ. борборуна айланган. Борбордук Россия Кыргызстанга анын о. ж-н кайра курууга чоң жардам көрсөттү. Айрыкча капиталдык курулушка ж-а махталарды реконструкциялоого акча каражаты улам көп суммада бөлүнүп турган. 1923-ж. Чехословакиянын коммунисттик партиясы м-н жумушчу табы «Интергельпо» («Өз ара жардамдашуу») кооперациясын уюштуруп, анын мүчөлөрүн 1925-ж. Кыргызстанга жиберишкен.




КПСС БКнын секретары К. У. Черненко Фрунзе ш-на Эмгек Кызыл Туу орденин тапшырууда. 1978.

Кооперация булгаары з-дүн, пооту ж-а мебель фабрикасын, куюу-механикалык, трикотаж, өтүк ултаруу, кийим тигүү мастерскойлорун ж. б. курган. «Интергельпонун» ишканалары булгаары, пооту, мебель, түрдүү аспаптарды ж-а майда а. ч. шаймандарын, азык-түлүк товарларын чыгарган. Жумушчу, дыйкан ж-а солдат депутаттар советтеринин бүткүл россиялык Борб. Аткаруу комитетинин 1926-ж. 5-апрелдеги чечими б-ча Пишпек ш. ушул жерде туулган, Коммунисттик партия м-н Совет өкмөтүнүн коруктуу ишмери М. В. Фрунзенин ысмынан аталган. Советтердин 8-съездинин 1936-ж. 5-декабрдагы чечиминин негизинде Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы түзүлүп, борбору Фрунзе ш. болгон. Алгачкы 5 жылдыктарда шаар өн. ж-луу борборго, респ-кадагы коомдук-саясий, социалдык-экон. ж-а маданий зор өзгөрүштөрдүн башкы очогуна айланды. Өн. ж. ишканалары тездетилген темпте курулду. Фрунзеде кыргыз элинин сов. доордогу түңгүч адабий чыгармалары м-н кыргыз илимпоздорунун илимий эмгектери пайда болду. Шаардын экономикасы м-н маданиятын өнүктүрүүдө өлкөнүн бир туугап элдери чоң салым кошту. Москва, Ленинград, Днепропетровск ж. б. ө. ж-луу борбордор завод-фабрикаларды курууга жардам кылышты. Кыргызстанга инженер-техникалык кызматчылар, квалификациялуу жумушчулар м-н адистер, илимпоздор, окутуучулар, иск-во ишмерлери келишти.

Улуу Ата Мек. согуш башталгандан тартып Фрунзе эвакуацияланган ишканаларды жайгаштыруу б-ча О. Азиядагы борборлордун биринө айланган. Бул мезгилде металл иштетүү ж-а машина куруу ишканаларынын кубаттуулугу жогорулап, металл кесүүчү станокторду, гидротурбиналарды чыгаруу көбөйүп, трактор, автомобиль ж-а комбайнга запас тетиктерди жасоо кеңири масштабда жүргүзүлдү. Металл иштетүү ө. ж-ның продукциясы 6 эсе, машина куруу ө. ж-ныкы 11 эсе көбөйгөн.

Эл чарбасы. Фрунзе — Кыргызстандын эң ири индустриялуу шаары, ө. ж. б-ча ал О. Азияда Ташкенден кийинки 2-орунда. Өнөр жайында энергетика, машина куруу, прибор куруу, механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу каражаттарын, эсептөө техникасын чыгаруучу тармактары басымдуу. Респ-канын эл чарбасындагы машина куруу м-н энергетиканын үлүшү 47,2%ти түзөт. Дүйнөдөгү 50дөн ашык өлкө Фрунзенин ишканаларынын продукциясын (устакана-пресс жабдуулары, электр машиналары, токардык-каруселдик станок, медицина приборлору, слесардык-монтаждоо аспаптары) алат (1981).


Өнөр жайы. Фрунзеде алгачкы ө. ж. ишканалары 1925-ж. курула баштаган. Алар промыселдик кооперациянын майда үлгүлөрү болгон. Фрунзеде 1- ж-а 2-беш жылдыктарда негизинен тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. ишканалары (а. ч. сырьёсунун базасында) иштеген. Ремонттоо-механикалык, кирпич з-ддору, полиграфия ж. б. ишканалары да болгон. 70-жылдарда шаардын ө. ж. ар тараптан өнүгүп, машина куруу, жеңил ө. ж. ишканалары негизги тармакка айланды. Респ-канын ө. ж. ж-а транспорт ишканаларынын, складдык чарбасынын 285и же 26,3% Фрунзеде жайгашкан. Респ-кадагы машина куруу ө. ж. продукциясынын 61,3%, булгаары-бут кийимдин 62%, текстиль ө. ж-нын 29%, тамак-аштын 23,1%тен ашыгы ж-а курулуш материалдарынын 27% чыгарылат. 1981-ж. шаардын ишканаларынын дүң продукциясынын жалпы көлөмү 1,7 млрд сом болду. Кыргызстандын дүң продукциясынын 38,3% Фрунзенин үлүшүнө таандык; шаардын эл чарбасында эмгектенген жумушчулар м-н кызматчылардын саны респ-канын эмгекчилеринин 26,0%ин түзөт. 80-жылдардын башында шаарда 100дөн ашык ө. ж. тармагы болгон. Дүң продукциянын көлөмү 1940-жылдагыга караганда 54 эсе көбөйдү. 1940-ж. жыл бою өндүрүлгөн ө. ж. продукциясы 1981-ж. 7 гана күндө чыгарылган. Шаардын эл чарбасында эмгектенгендердин 56,5% машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж-ларында иштейт. Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж-нын 32 ишканасынын ичинде бургу, оор электр машина куруу, тескергич-өлчөгүч приборлор, Фрунзе атн. айыл чарба машиналарын куруу, «Кыргызавтомаш» ж. б. з-ддор бар. Негизинен станок куруу, прибор куруу, а. ч. машиналарын куруу, электр-техникалык ж-а автомобиль ө. ж. өнүгүүдө. О. Азиядагы машина куруу ө. ж-нын дүң продукциясынын 15%ке жакыны Фрунзеде чыгарылат. М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машиналарын куруу з-ду — өлкөдөгү чоң таңгактагыч чыгаруучу бирден бир ишкана. Фрунзе автомобиль кураштыруу з-ду (автомобиль ө. ж-нын О. Азиядагы түңгүч ишканасы) автосамосвал чыгарат. 1978-жылдын алдында ал 150 миңинчи автосамосвалды чыгарган. Тескергич-өлчөгүч приборлор з-дүнүн продукциясы эң мыкты конструкциясы, жогорку сапаты м-н айырмаланат. «Ала-Тоо» установкасы Лейпцигдеги күзгү ярмаркада (1977) алтын медалга татыктуу болгон. Бургу з-дүнүн продукциясын Экономикалык өз ара жардамдашуу советиндеги өлкөлөр алат. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. прибор куруу з-ду эл аралык ж-а бүткүл союздук көргөзмөлөрдө көптөгөн сыйлыкка татыктуу болгон медициналык аппараттар м-н физикалык приборлорун бир канча чет өлкөгө жиберет. Оор электр машиналарын куруу з-дүнүн электр машиналары экспорттолот. «Кыргызавтомаш», электрондук эсептегич машиналар, «Кыргыз-



М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машиналарын куруу з-дүнүн даяр продукциясы.

электр-кыймылдаткыч» з-ддорунун продукциясы СССРде кеңири белгилүү. «Кыргыз айыл чарба техникасы» з-ду трактор моторун, жылуулук арматурасын ж. б. ремонттойт. Респ-канын борборунда курулуш-монтаж иштеринин көптүгүнө байланыштуу курулуш материалдар ө. ж. тез өнүгүүдө. Химия ө. ж. химия-фармацевтика, антибиотик ж-а химия (лак, боёк чыгарат) з-ддорун камтыйт. Жыгач ө. ж. мебель комбинатынан, тактай тилүү, жыгач иштетүү ж-а ящик жасоо з-ддорунан турат. Жыгач иштетүү комбинаты иштейт. 1981-ж. мебель жасоо 1965-жылдагыга караганда 2,8 эсе көбөйдү. О. Азиядагы эң ири Кыргыз полиграфия комбинаты 1966-ж. ишке киргизилгенден тартып полиграфия ө. ж. ийгиликтүү өнүгүүдө. Эң жаңы жабдуулар м-н жабдылган бул комбинат жылына 200 млн ак-кара, 80 млн түстүү басма табак-оттиск продукциясын чыгарат.

Шаардагы жалпы ө. ж-нын ичинен жеңил ө. ж. дүң продукциянын наркы б-ча 1-, иштегендердин саны б-ча 2-орунду ээлейт. Ал кийим тигүү, бут кийим, трикотаж ф-каларынын, булгаары з-ддорунун ж. б. кеңири тармагын (бардыгы 24 ишкана) камтыйт. Кийим тигүү ж-а булгаары-бут кийим ө. ж-нын үлүшү чоң. Алар жеңил ө. ж. дүң продукциясынын 60,9%ин берет.



СССРдин 50 жылдыгы атн. Фрунзе пахта ийрүү фабрикасы.

Кыргызстан камвол-пооту комбинаты эң алдыңкы технологиялык жабдуулар м-н жабдылган. Бул — кылторко кездеме чыгаруу ж-а жип ийрүү б-ча

СССРдеги ири ишканалардын бири. Трикотаж-токуу ф-касы сырт ж-а ич кийимдик кездеме чыгарат. Жерг. а. ч. сырьёсунун негизинде тамак-аш о. ж. онүгүүдө. Респ-калар аралык маанидеги негизги тармактары: эт-сүт, шарап, тамеки о. ж. 1981-ж. жалпы о. ж. продукциясынын 15,7%ин тамак-аш о. ж. берген. Шаардын ишканаларындагы кубаттуулуктар оскон сайын о. ж. өндүрүшүнүн сапаты жакшырууда. Ал айрым жогорку өндүрүмдүү машиналардын ордуна комплекстүү механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган линия, участка, цех ж-а ишканаларды жайлатууга байланыштуу. Респ-кадагы механикалаштырылган үзгүлтүксүз линиялардын 44%, автоматтык линиялардын 85%тен ашыгы, механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган цех м-н участкалардын 29%тен ашыгы шаарда. 1981-ж. механикалаштырылган үзгүлтүксүз линиялардын саны 1979-жылдагыдан 103%, автомат линияларды-кы 103%, комплекстүү механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган участка м-н цехтордики 122% кобойгон. Ө. ж. продукциясынын көп түрүнө Мамл. сапат белгиси ыйгарылган. Өндүрүштү техникалык жактан оркүндөтүүгө, анын натыйжалуулугун ж-а сапатын мындан ары да жогорулатууга шаардагы 13 миңден ашык ойлоп чыгаруучу м-н рационализатор активдүү катышууда. Алардын рационализатордук сунуштарынан 25 млн сом үнөмдөлгөн.

Энергетикасы. 1925-ж. июлда алгачкы дизель электр станциясы (кубаттуулугу 26 *квт*, 1927-ж. 45 *квт*-ка жеткирилген) ишке киргизилген. 1929-ж. Аламүдүн ГЭСи (кубаттуулугу 460 *квт*) Фрунзеге ток бере баштаган. Фрунзенин ж-а ага жакын жайгашкан райондордун о. ж-ның согуштан кийинки мезгилде дүркүрөп өсүшү туруктуу электр ж-а жылуулук энергияларын талап кылды. 1961-ж. ТЭЦтин кубаттуулугу 25 миң *квт* 1-агрегаты ишке киргизилди. Ө. ж-дын тез оскондугүнө байланыштуу ТЭЦтин 2-кезектегисин (кубаттуулугу 200 миң *квт*), 1962-жылга чейин 3-кезектегисин (2 эсе кубаттуу) курууга чечим кабыл алынган. 1976-ж. станциянын акыркы агрегаты (кубаттуулугу 750 миң *квт*) пайдаланууга берилди. 1980-жылга карай ТЭЦ 32 млрд *квт* электр энергиясын иштеп чыгарып, 33 млн *Гкал* жылуулукту пайдаланууга берди. Жылуулук тармактарына 140тан ашуун ишкана, 71 000 квартира кошулуп, 225 миңден ашык адам ысык суу ж-а жылуулуктан пайдаланат. Борб. жылытуу системасына бириктирилген коомдук фондунун жалпы саны 83%ти түзүп, магистралдык жылуулук тармактарынын узундугу 200 *км*ге жакын. Мында О. Азияда биринчи болуп, диаметри 900 *мм* жылуулук магистрали курулду, 1981-ж. Фрунзеде электр энергиясы падышалык Россиядагыга караганда 2 эсеге арбын алынган. Шаар электр энергиясын Фрунзе ТЭЦинен ж-а жергиликтүү ГЭС каскаддарынан алып, О. Азия энергия системасына бириктирилген. Ал шаардын электр энергиясына болгон муктаждыгын толук камсыз кылат. 1965—81-ж. электр энергиясын коректөө 4 эсеге оскон, үйлөрдөгү электр тармактары кухня приборлорун электр энергиясына бириктиргендей кылып долбоорлонуп курулат. Шаарда 1959-жылдан суюлтулган газ, 1970-жылдан табигый газ пайдаланылат. 1983-жылга карай 300 *км*ге жакын газ тармактары курулуп, аны 40ка жакын ишкана, ондогон котельнайлар пайдаланат. Мамл. турак жай фондусунун 97% газ жүргүчкө кошулду.

Суу менен жабдуу. Алгач ичүүгө ж-а сугатка пайдалануүга жарактуу суунун жоктугу шаарды суу м-н жабдууга кыйынчылык келтирген. 1931-ж. алгачкы суу жүргүчтөр курула баштаган. Булак суулары Орто-Алыш аркылуу шаардын суу алуучу колпкаларына жиберилген. 1959-ж. суу жүргүч системаларынын кубаттуулугу 2 эсе жогорулады, бирок ичүүчү суунун ар бир адамга керектелиши суткасына 100 *л*ден ашкан эмес. Микрорайондорду курууга байланыштуу суу м-н жабдуу кыйла жакшыра баштады. 70-жылдарда суу жүргүчтөрдүн узундугу 2 эсе, суу алчу жайлардын кубаттуулугу 4 эсеге кобойду ж-а суткасына ар бир адамга чыгымдалган суу 400 *л*ге жакындады. Суу жүргүчтөр м-н канализациянын курууга жылына 6 млрдон

Онор жай продукциясынын айрым түрлөрүн натуралай өндүрүүү (1980)

Электр энергиясы, млн *квт·с*	3840
Ири электр машиналары	371
Металл кесүүчү станоктор	1660
Устакана-пресс машиналары	550
Чоп таңгактагыч, миң	31
Металл кесүүчү аспап, млн сом	15,6
Курама темир-бетон конструкциялары ж-а тетиктер, миң $м^3$	387
Кирпич, миң	120,4
Тигилүү буюм, толук паркы б-ча, миң сом	86,9
Булгаары бут кийим, млн жуп	4,5
Эт, миң т	1,8
Колбаса, миң т	6,6
Ынак сүт азыгы (сүткө айландырганда), миң т	47,7
Консерва, млн шарттуу банка	39,8
Ун, миң т	110,7
Нан, миң т	59,7
Шампан, миң ботолко	5690
Пиво, миң *дал*	1536
Аралаш тоют, миң т	105,3

ашык сом жумшалат. Негизинен жер алдындагы суу пайдаланылып, үнөмдүү чыгымдоого айрыкча көңүл бурулат. Орто-Алыш ж-а Ала-Арча булактары ичүүгө жагымдуу ж-а бактериологиялык жактан таза. 1946-жылдан канализация тармактары курула баштады. 82-жылдарда коомдук турак жай фондусунун 91% канализацияланган.

Транспорту. Фрунзе транспорт тоому негизинен Улуу Ата Мек. согуштан кийин өнүгө баштады. Тоолуу рельеф, кемө жүрүүгө жарамдуу дарыянын жоктугу жүргүнчүлөрдү ж-а эл чарба жүктөрүн ташууда автомобиль транспортунун ролун арттыруда. Транспорт түрлөрүнүн жүк ж-а жүргүнчүлөрдү ташуудагы үлүшү % м-н төмөнкүчө (1982):

Транспорт	Жүк ташуу	Жүргүнчүлөрдү ташуу
Автомобиль	83,6	99,1
Темир жол	16,2	0,6
Аба	0,2	0,3


Фрунзенин Москва, Свердловск, Красноярск, Иркутск, Ташкен, Жалал-Абад, Семипалатинск, Рыбачье менен темир жол аркылуу түз байланышы бар. Темир жол транспорту м-н эл чарба жүктөрүн ташуу жыл сайын артууда; паровоздор кубаттуу тепловоздор м-н алмаштырылып, вагондордун жүк көтөрүмдүүлүгү артты; цемент ж-а жер семирткичтерди ташуу үчүн атайын вагондор пайда болду. Аба транспорту тез өнүгүүдө. Кыргызстандын борбору Москва, Ленинград, Свердловск, Новосибирск, Адлер, Киев м-н, О. Азия, Казакстан ж-а Закавказьенин шаарлары, респ-канын көпчүлүк райондору м-н аба жолу аркылуу байланышат. Аба жолу 1945-жылдагыдан 10 эсе узарды (1982). «Манас» аэропорту азыркы кездеги эң ири аба лайнерлерин тейлейт. Жүк ташууда автомобиль транспорту негизги ролду ойнойт. Фрунзе бардык областтардын ж-а райондордун борборлору м-н автомобиль жолу аркылуу байланышкан. Фрунзе — Рыбачье — Нарын — Торугарт автомобиль жолу Нарын областынын райондору м-н, Рыбачьеден Ысык-Көлдү айланта кеткен автомобиль жолу көл ороонундагы райондор м-н байланыштырат. Узундугу 600 *км*ден ашкан Фрунзе — Ош автомобиль жолунун маанисин зор. Ал Суусамырдын жайыттарына, Нарын д-ндагы гидроэлектр станцияларга, кен байлыктарга бай жерлерге жол ачып, респ-канын түндүгү м-н түштүгүнүн аралыгын 2 эсе кыскартты. Фрунзеде жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорттун негизги түрү — автобус м-н троллейбус, кошумча түрү 1966-жылдан маршруттук такси. 1938-ж. шаардын көчөлөрүндө алгачкы 13 автобус жүрө баштаган. Алар жалпы узундугу 30 *км* болгон 2 маршрут б-ча (Борб. базар — Пиво з-ду — Пишпек станциясы ж-а Эт комбинаты — Фрунзе т. ж. вокзалы) жүргүнчүлөрдү ташыган. 1982-ж. шаарда 52 автобустук маршрут (узундугу 678 *км*ден ашык) иштеп, 220 млн. жүргүнчү ташылды. Фрунзеден респ-канын бардык калктуу ири пункттарына, Казакстан м-н Өзбекстандын шаарларына автобус каттайт. 1951-ж. Вокзал — Эт комбинаты маршруту б-ча 1-троллейбус жүргөн. 80-жылдын башында троллейбус 14 маршрут (узундугу 145,5 *км*) б-ча жүрдү. 1982-ж. гана троллейбус 75,0 млн жүргүнчүнү тейледи. Келечекте негизинен электр м-н жүрүүчү коомдук транспорт өнүгүп, жүргүнчүлөрдүн 26%ине жакынын ташыйт. Бул шаар абасынын тазалыгын кыйла жакшыртат. Транспорттун кыйла так иштешин камсыз кылуу максатында жол жүрүүнү башкаруунун автоматтык системасы ишке киргизилүүдө.

Байланыш. Байланыштын азыркы кездеги бардык каражаттары: радио, телефон, телеграф, почта, телебайланыштары кеңири өнүктү. Почта-телеграф байланыш ишканалары 1940-жылдагыдан 10 эсе, телефон станцияларынын сыйымдуулугу 51 эсе, радио уктуруу точкалары 28 эсе көбөйдү. Телефон станциялары бүтүндөй автоматташтырылган. Москва, Ленинград, Киев, Ташкен, Алматы, Ашхабад ж. б. шаарлар м-н, респ-канын бардык райондорунун борборлору ж-а шаарлары м-н түз автоматтык телефон байланышы бар. Фрунзенин эл телекөрсөтүүлөрдүн бир нече программасын (Фрунзе, Алматы, Ташкен, «Орбита», Москва 1-программаларын) корот.

Соода. 1981-ж. чекене соода 1940-жылдагыдан 26 эсе өстү. Кеңири керектелүүчү товарлардын сапаты жакшырды. Эң керектүү азык-түлүк ж-а о. ж. товарларын, о. эле маданий-тиричилик ж-а чарб. товарларды сатуу көбөйдү. 1981-ж. гана шаардын калкына 7,0 млн мүздаткыч, 106,9 миң саат, 16,4 миңден ашуун телекөрсөткүч, 9,1 миң кир жуучу машина, 4,4 миң жеңил автомобиль сатылды. 1981-ж. 1950-жылга салыштырганда эт 18,3 эсе, балык ж-а балык продуктулары 6,6, мал майы 11,0, сүт ж-а сүт продуктулары 48,4, жумуртка 103, кант 8,4 эсе көп сатылды.

Архитектура жана курулуш. 1937-ж. алгачкы топографиялык съёмка жүргүзүлүп, анын негизинде Фрунзенин негизги планы түзүлгөн. Планда жердин рельефин, сугат тармактарын, отургузулган бак-даракгарды, көчөлөрдүн шамалданышын эске алуу м-н тарыхый калыптанып калган көчө тармактарын сактап калуу каралган. Шаарды жакшыртуүга (көчөлөрө таш төшөө, жарык кылуу, парк, сквер, жашыл массивдерди отургузуу) айрыкча көңүл бурулган.

Турак үйлөрдүн долбоорлору табигый-климаттык, улуттук ж. б. өзгөчөлүктөрдү эске алуу м-н түзүлгөн. Негизинен 2—3 кабат үйлөр курулуп, жерг. буу казандарынын ысык суусу м-н жылытылган ж-а жалпы шаардык тармактан суу м-н жабдылган. Улуу Ата Мек. согуштан кийинки жылдарда жаңы мектептердин, техникумдардын, жогорку окуу жайлардын, дарылоо, админ. ж-а маданий-агартуу мекемелердин имараттарын куруу ылдамдап, шаар аянтгары м-н көчөлөрүндө архитектуралык ансамблдер түзүлдү. Алардын эң алгачкысы болуп Совет аянты курулду (1955). Ансамблдин борборунда Фрунзе шаар өкмөтүнүн имараты жайгашкан. Бул мезгилдеги архитектурада улуттук өзгөчөлүк үстүртөн чагылдырылган. 50—60-жылдары курулушта улуттук форманы жөн эле киргизе берүү материалдардын, техника м-н экономиканын азыркы талабына жооп бербей, индустриялык жол м-н курууну өнүктүрүүгө тоскоолдук кылган. Кыргызстанда коомдук имараттардын азыркы кездеги архитектурасынын өнүгүшү 1961-ж. Фрунзеде «Соцкөл» кафесин куруудан башталды деп эсептелет. Имарат композициясынын жаңылыгы, формасынын жөнөкөйлүгү м-н айырмаланат. 1962-ж. Н. Г. Чернышевский атн. респ-калык китепкана курулду. Анын 12 окуу залына бир эле убакта 800дөн ашуун адам сыят. 1970-ж. Кыргыз мамл. академиялык драма театрынын 800 орундуу жаңы имараты бүткөн. 1971-ж. Н. К. Крупская атн. Орус драма театры (900 орундуу) реконструкцияланып бүттү. 1974-ж. В. И. Ленин атн.




Республикалык санитария-эпидемиологиялык станциянын лабораториялык корпусу.

спорт дворецинин (3 миң орундуу) курулушу аяктады. Анын залы муздагы балет оюнун көрсөтүүгө, кол тобу, волейбол, баскетбол, теннис, бокс, гимнастика б-ча мелдештерди өткөрүүгө ылайыкталган. 1974-ж. 380 соода оруну бар «Айчүрөк» борб. универмагы ишке киргизилген. Анын түн. жагында опера ж-а балет театрынын, «Кыргызстан» мейманканасынын ж-а 2000 орундуу цирктин имараттары м-н бирдикте озүнчө архитектуралык ансамблди түзгөн сквер пайда болду. Соода мекемелеринен «Берёзка» (1969), «Чынар» (1970) кафелери, «Сейил» ресторану (1971) курулду. Шаардын архитектурасында М. В. Фрунзенин мемориал музейи айрыкча орунду эээлейт (1967). М. В. Фрунзе туулган ж-а балалык күндөрүн өткөргөн анча чоң эмес үйдү чумкөй 4 кабаттуу имарат салынган. Анын 1-кабатты айнектелгендиктен Фрунзе туулган үй көчө тараптан көрүнүп турат. Калган кабаттарында музейдин залдары жайгашкан. Респ-канын 50 жылдыгына карата (1974) Сүрөт онор музейинин жаңы имараты курулду. Бул имараттын архит.-көркомдүк жактан иштелиши курулуштун эстетикалык сапаты м-н аткарган милдетин айкалыштыруунун сонун үлгүсү болот. Анын авторлору Д. Ырыскулов, А. Назаров, Ш. Жекшенбаев, А. Юсупов респ-канын Токтогул Сатылганов атн. мамл. сыйлыгына татыктуу болгон (1976). 1981-ж. Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын 1500 орундуу жаңы имараты пайдалануүга берилди.

Эстеликтер м-н монументтер шаардын архитектурасынын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Алар: Советтер Союзунун Баатыры, гвардия-майор И. В. Панфиловдун эстелиги (1942-жыл), В. И. Ленинден колодон жасалган монумент скульптурасы (1948), Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн күрөштө курман болгон кызыл гвардиячылардын эстелиги (1960-ж. реконструкцияланган) ж-а Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго арналган Өчпөс от (1970), К. Маркс м-н Ф. Энгельстин эстелиги (1963), М. В. Фрунзенин эстелиги (1969), Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 30 жылдыгына арналган Баатырлар аллеясы (1975) ж. б.

Кыргызстандын ж-а Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгын майрамдоонун алдында (1974) Борб. аянтка «Эмгек даңкы» монументи, Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз академиялык драма театрынын жанындагы аянтка «Достук» монументи тургузулду



Фрунзе ш-нын борб. болугу.

(1974). Ал Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушунун 100 жылдыгына арналган. «Революциянын каармандарына» монументи (1978) Кыргызстандын борборунун 100 жылдык юбилейине арналды. Бул эстеликти тузгондугу учун Т. Садыкович Лениндик сыйлык ыйгарылган (1980). Совет аянтына «„Манас" — баатырдык эпосу» скульптуралык ансамбли тургузулду (1981).

Кыргызстандын борбору — Фрунзенин генералдык планында анын 1995-жылга чейинки онугушу каралган. План б-ча шаардын тарыхый калыптанган админ. борбору ордунда калтырылат, бирок админ. ж-а коомдук мекемелердин бир кыйласы шаардын туш. болугуно кочурулот. Фрунзеде Кыргыз мамл. курулуш долбоорлоо, Кыргыз мамл. опор жай долбоорлоо, «Кыргыз жол трансдолбоор», «Фрунзе шаар долбоор» ж. б. долбоорлоо ин-ттары, бир катар конструктордук бюро иштейт. 1982-ж. ишканаларды, ооруканa м-н поликлиникаларды, турак үйлөрдү, маданий-агартуу ж-а коммуналык объектилерди курууга жумшалган каражаттык салымдар 1940-жылга салыштырганда 70 эседен ашык көбойду. Ө. ж., транспорт, байланыш, турак жай-коммуналык чарба, соода, үй тиричилик жактан тейлоо ишканалары, саламаттык сактоо, маданий-агартуу мекемелер ишке киргизилди. 60-жылдардын башынан тартып турак жайларды куруу негизинен типтүү долбоор б-ча жүргүзүлүүдө. 1962-ж. при панелдүү үй курууга база түзүлдү. Турак үйлөр жекече долбоор б-ча негизинен борб. кочолордогу эскирген кыштан салынган үйлөрдүн ордуна курулууда.

1970-жылдан Фрунзеде көп кабаттуу үйлөр салына баштады. 1968-ж. Кыргыз мамл. курулуш долбоорлоо ин-ту 4—5 ж-а 9 кабаттуу турак үйлөрдүн типтүү серияларын иштеп чыга баштады. Ин-т «98», «105», «106» сериялуу турак үйлөрдү долбоорлоодо блоктуу-секциялык принципти колдонгондуктан курулуштун композициялык ыкмасы бир кыйла кеңейди.

Жыл сайын орто эсеп м-н жалпы аянты 214 миң $м^2$ турак үй пайдаланууга берилип, 3,5 миңдей квартира курулууда. Шаардын турак жай фондусу 1926-жылга салыштырганда 36 эсече өстү. 1951-жылдан бери жалпы аянты 4 млн $м^2$ден ашуун турак үй пайдаланууга берилди. Турак жай фондусунун салыштырма көлөмү 13%тен (1926) 70%ке жакын (1982) өстү. Калктын турак жай м-н камсыз болушу (бир кишиге алганда) 5,4 $м^2$ден (1940) 11,6 $м^2$ге (1982) көбойду. Турак жай фондусун жакшыртуунун деңгээли көтөрүлдү: анын 94% суу жүргүч, 91% канализация, 97% газ, 87% ысык суу м-н камсыздандырылып, 100% электрлештирилди, 90% борб. жылытуу системасына туташтырылды. Шаарда асфальтталган көчолордун жалпы узундугу 619 км (шаардын бардык көчолорунун узундугунун 82%). Көчолордун 95%ине электр жарыгы берилди.

Маданий курулушу. 1914-ж. Пишпекте 4 мектеп иштеп, анда 439 окуучу окуган. 1982-ж. шаарда жалпы билим берүүчү 69 мектепте 69,1 миң окуучу билим алган. Балдардын мектепке чейинки 180 мекемесинде 33,9 миң бала тарбияланууда. Рев-ляга чейин жеке Кыргызстанда гана эмес, бүткүл Түркстан крайы б-ча бир дагы жогорку окуу жайы болгон эмес. 1981—82-окуу жылында Фрунзеде 8 жогорку окуу жайы (университет, политехника, айыл чарба, медицина ж. б. ин-ттар) иштеп, 70 адистиктеги 7 миңден ашык жогорку билимдүү адис даярдалган. Атайын орто билим берүүчү 14 окуу жайында 22,4 миң окуучу окуп, жылына 6 миң атайын орто билимдүү адис даярдалат.

Фрунзе — Советтик Кыргызстандын илимий борбору. 1982-жылы мында 7000ден ашуун илимий кызматкер, анын ичинде илимдин 193 доктору ж-а 2300дон ашык кандидаты эмгектеништи. 1970—80-жылдардын ичинде гана илимий кызматкерлердин саны 2 эсе көбойду. Илимий изилдоолордү Кыргыз ССР ИА жетектейт. Анын составында 17 ин-т бар. Академиянын составына кирбеген илимий мекемелерден курортология жана физиотерапия, акушерлик ж-а педиатрия, туберкулёз, онкология ж-а радиология, микробиология, топурак таануу ж. б. илим из. ин-ттары иштейт. Маданий-агартуу мекемелердин кеңири тармагы бар: 87 китепкана (китеп фондусу 7 млндой), 25 клуб, 16 кинотеатр, 4 театр, Кыргыз мамл. филармониясы, Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү, 1974-жылдан В. И. Ленин атн. спорт двореци иштейт. Фрунзе шаарында 5 музей (тарых, зоология, сүрөт онору, М. В. Фрунзенин мемориалдык, Кыргызстан Ленин комсомолунун тарыхы музейлери) бар. Фрунзеде 1940-ж. 13 газета, журнал, (тиражы 233 миң нуска), 1983-ж. 45 газета, журнал (тиражы 160 млндой нуска) чыккан, 1983-ж. 6 басма («Кыргызстан», «Ала-Тоо», «Мектеп», «Илим» ж. б.) иштеген. Кыргыз полиграфия комбинаты китеп продукциясын респ-канын бардык басмаканаларынан көп чыгарат.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1982)

Жалпы билим берүүчү күндүзгү мектептер	69
андагы окуучулар, миң	69,1
Атайын орто окуу жайлары	14
андагы окуучулар, миң	22,4
Китепканалар	87
Клуб мекемелери	24
Киноустановкалар	55

Саламаттык сактоо. Шаарда бардык адистиктеги 4 миңден ашык врач ж-а медициналык атайын орто билимдүү 8 миң кызматкер иштейт.

Саламаттык сактоосу (1982)

Бардык адистиктеги врачтар	4504
Ооруканалар	27
Ооруканалардагы орундар	10135

1913-ж. шаардын 10 000 адамына үчтой врач туура келсе, 1981-ж. 80,6 врач туура келген. Шаарда 27 ооруканa, 18 аялдар ж-а балдар консультациясы бар.

О. А. Медеров

ОШ ОБЛАСТЫ

Жалпы маалымат. Ош области 1939-ж. ноябрда уюшулуп, 1959-ж. ага Жалал-Абад обл. кошулган. 1980-ж. Ош обл-нан Токтогул р-ну ж-а Ала-Бука р-нунун бир болугу жаңы уюшулган Талас обл-нын составына кирген. Борбору — Ош ш. Областтын составында 14 айылдык админ. район (Алай, Араван, Ала-Бука, Баткен, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Ленин, Лейлек, Ноокат, Сузак, Совет, Өзгөн, Фрунзе, Базар-Коргон), 9 шаар (Ош, Жалал-Абад, Кок-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүкту, Таш-Комур, Өзгөн, Кара-Суу) ж-а 14 ш. т. посёлка бар. Область респ-канын түш.-батыш болугун ээлейт. Түш.-чыгышынан Кок-Суу ж-а Алайкуу кырка тоолорунун кыры б-ча Кытай, чыгышынан Фергана тоо тизмегинин кыры б-ча Нарын обл., түндүгүнөн Исфан-Жайлоо кыр-

ка тоосунун кыры ж-а Чаткал кырка тоосунун этеги б-ча Талас обл., түштүгүнөн Чоң-Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун кыры б-ча Тажик ССРи менен чектешет. Фергана өрөөнүндө областтын чек арасы тоо этектериндеги түздүктөр ж-а адырлар аркылуу өтүп, Өзбек ж-а Тажик ССРлеринен болуп турат. Аянты 61 миң $км^2$ (Кыргызстандын аймагынын 32%). Калкы 1557,6 миң (1982). Область 1966-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

Табияты. Рельефи татаал. Бийиктик амплитудасы 6740 *м*ге жетет (эң жапыз жери Кулунду өрөөнүндө — 394 *м*, эң бийик жери Чоң-Алай кырка тоосундагы Ленин атн. чоку — 7134 *м*). Рельефинде тоо этегиндеги жантайыкчы түздүктөр, адырлар, тоо арасындагы өрөөндөр, орто бийик ж-а бийик кырка тоолор басымдуу. Тоо аралык өрөөндөр көбүнчө адырлар м-н тоо тармактарынын аралыктарында (деңиз деңгээлинен 900—3000 *м*) жайгашкан. Алардын эң ирилери: Алай, Өзгөн-Куршаб, Баткен, Ноокат. Орто бийик тоолор айрым токол тоолордон (Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунда) ж-а түтөк тоо массивдеринен (Фергана тоо тизмеги) турат. Бийик тоолорго (деңиз деңгээлинен 3000 *м* бийик) тик канталдуу, аскалуу, корум таштуу кууш ж-а терең тоо өрөөндөрү мүнөздүү. Кырка тоолордун кырлары тешик сымал өрөөндөр, моңгу ж-а фирн талаалары м-н канталган. Түндүгүндө Чаткал кырка тоосунун адырлуу тоо этектери областтын чегине кирип турат. Ал адырлардын аралыктарында деңиз деңгээлинен 800—1200 *м* бийикте анча чоң эмес өрөөндөр (Ала-Бука — Караван, Пишкаран, Айры-Там) жайгашкан.

Фергана тоо тизмеги Чаткал кырка тоосунун түн. чет-жакасынан эки тармак болуп (Ат-Ойнок ж-а Узун-Акмат) башталат. Анын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги түн.-чыгышында 3300—3500 *м*, түн.-чыгыш капталы кыска, түш.-батыш капталынын жалпы жазылыгы 100 *км*ге жеткен кудурлуу жончолордун тизмегин түзөт. Этектери ото адырлуу. Орто бийиктеги тоолор м-н адырлардын аралыгында (800—1400 *м* бийиктикте) Көгарт, Өзгөн-Куршаб өрөөндөрү жайгашкан. Кырка тоонун түн.-батыш этегинде Нарын д-нын өрөөнү (ал Таш-Көмүр ш-нан түндүгүрөөк жакта каньон сымал кууш капчыгайды пайда кылат) м-н Кара-Уңкур аккумуляция өрөөнү жайгашкан. Фергана тоо тизмегинин түш. чет-жакасынан батышты көздөй бийиктиги 5500—5900 *м*ге жеткен аска чокулуу Алай ж-а Түркстан тоолору 600 *км* аралыкка созулуп жатат. Алай кырка тоосунун чыгыш ж-а батыш бөлүктөрүндө бир нече ашуу (эң негизгиси Талдык, 3615 *м*, Алай өрөөнү м-н байланыштырат) бар. Түш. капталдары тик, боксо тоолор жок. Түн. капталдары Фергана өрөөнү тарапка жапыздаган бир катар жарым кырка тоолордон (ирилери — Кичи-Алай, бийиктиги 4926 *м*ге чейин, Коллектор, 4500 *м*ге чейин) турат. Алай ж-а Кичи-Алай кырка тоолорунун аралыгында Кичи-Алай өрөөнү жайгашкан. Адырлар айрыкча Алай кырка тоосунун этектеринде кеңири таралган. Түркстан кырка тоосунун адырлары кесек талкаланды тоо текгерден турат. Кожо-Бакырган ж-а Исфара сууларынын аралыгында бедленд тибиндеги ото тилмеленген адырлар чоң аянтты ээлейт. Адырлар м-н негизги тоо тармактарынын аралыктарында көптөгөн тоо аралык өрөөндөр жайгашкан: Папан (1100—1800 *м* бийиктикте), Караван — Кок-Жар (1300 *м*), Ноокат (1600 *м*), Охна (1250—1600 *м*), Хайдаркен (2200 *м*), Баткен (1500 *м*), Таш-Рабат (1200 *м*), Исфана (1800 *м*). Тоо этегиндеги өрөөндөрдүн көбү (Ош — Кара-Суу оазиси, Араван өрөөнү, Тоо-Мойун талаасы) Алай кырка тоосунун түн. тарабында 700—


ОШ ОБЛАСТЫ
30 0 30 км
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАШКЕНТ
АНДИЖАН
НАМАНГАН
ФЕРГАНА
МАРГЕЛАН
КОКАНД
ЛЕЙЛЕК
Совет
Фрунзе
Восточный
Сүлүкту
Исфана
Кара-Булак
Таш-Комур
Кара-Суу
Ош
Кок-Жангак
Кызыл-Кыя
Майлы-Сай
Ленин
Сузак
Кара-Куль
Кара-Кулжа
Кашка-Суу
Ноокат
Баткен
Кок-Жар
Кара-Кече
Сарыбулак
Сарыбулак
Сарыбулак

1000 *м* бийиктикте жайгашкан. Ош областынын аймагына тоо этегиндеги өрөөндөрдүн Түркстан кырка тоосу туштагы, Сох, Шаймерден сууларынын аралыгындагы ж-а Кожо-Бакырган суусунан чыгыштагы (Кулунду өрөөнү) айрым бөлүктөрү гана кирип жатат. Областтын түштүгүндө респ-ка м-н Тажик ССРинин чек арасын бойлой Чоң-Алай кырка тоосу (деңиз деңгээлинен бийиктиги 7000 *м*ден ашык) жайгашкан. Анын түп. капталы кенен өрөөндөр м-н өтө тилмеленген. Алай өрөөнү (узундугу 190 *км*, туурасы 25—40 *км*) О. Азиядагы ири өрөөндөрдүн катарына кирет. Ал Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорунун аралыгында жайгашып, жер бетинин тектоникалык төмондошунон пайда болгон. Бийиктиги батышында 2500 *м*, чыгышында 3500 *м*. Негизинен майда топурак м-н капталган жумуру таштуу чокмо тектерден турат. Жумуру таштуу пуктар (жазылыгы 1—2 *км*) м-н тилмеленген. Чоң-Алай кырка тоосунун этегинде көптөгөн морена катмарлары кездешет. Тоо аралык Фергана өрөөнүнүн чет-жакалары да областтын аймагына кирет.

Кен байлыктары. Кен байлыктарынын ичинен отун ресурстары м-н түстүү металл рудалары арбын. Мында респ-кадагы көмүрдүн басымдуу бөлүгү топтолгон. Ири кендери: Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Алмалык (күрөң көмүр), Кок-Жаңгак, Таш-Көмүр (таш көмүр). Жазы суусунун алабындагы Өзгөн кенинде көмүрдүн жалындап күйүүчү маркасынан антрацитке чейинки түрү кездешет, о. эле кокстануучу таш көмүр да бар. Нефть м-н табигый газдын кендери Фергана өрөөнүнүн түп.-чыгышында топтолгон (Чаңгыр-Таш, Майлы-Сай, Избаскен, Кочкор-Ата). Сурьма м-н сымаптын запасы (Хайдаркен, Чоң-Кой, Кадамжай, Терек-Сай) б-ча область СССРде алдыңкы орунду ээлейт. Коргошун, цинк (Сумсар, Кан), марганец рудасы (Кара-Алма суусунун төмөнкү агымында), нефелиндүү сиенит (Кан) кендери бар. Руда эмес кен байлыктардан озокерит (Риштан, Майлы-Сай), гипс (Сузак р-нунда) казылып алынат. Областтын көпчүлүк райондорунда ысык ж-а минералдуу булактар (Жалал-Абад, Майлы-Сай, Өзгөн) табылган. Ысык ж-а радондуу булактардын базасында Кыргызстандагы ири Жалал-Абад курорту иштейт. Область каспети жагынан боржоми, арзни, ессентукиге окшош жер астындагы кычкылтектүү сууларга (кара-шоро ж. б.) бай.

Климаты. Ош обл. Талас, Кыргыз ж-а Күңгөй Ала-Тоолору аркылуу өткөн климат бөлүгүнөн түштүгүрөөк жакта жайгашкан. Түп. ж-а түп.-чыгыштан муздак аба массаларынын келишине бийик тоолор тоскоолдук кылат. Климаты континенттик: жайы ысык, жаз ж-а күз айлары нымдуу, кышы салыштырмалуу суук. Нымдуу аба массалары батыштан Фергана өрөөнү аркылуу областка жаан-чачындын негизги бөлүгүн алып келет. Фергана тоо тизмегинин батыш капталына жаан-чачын арбын (жылына 1000 *мм*ге чейин) жаайт. Областтын кырка тоолору негизги аба массаларынын багыты б-ча жайгашкан түш.-батыш бөлүгү кургакчыл келет. Мындагы тоо этектеринде жылдык жаан-чачын 100—200 *мм*. Эң көп жаан-чачынды жаз — жайдын баштапкысына туура келет (жылдык жаан-чачындын 70%). Жайдын экинчи жарымы кургакчыл. Областта климат м-н ландшафттын бийиктик алкактуулугу даана баамдалат. Тоо этектеринде (абсолюттук бийиктиги 1100 *м*ге чейин) кышы мелүүн жылуу (январдын температурасы —4°С), жайы ысык кургакчыл (июлдун температурасы 26°С) келген жарым чөл климаты мүнөздүү. Эң жогорку температурасы 41°Сге жетет. Вегетациялык мезгил 204—218 күнгө созулат. Жазгы акыркы үшүк апрелде, күзгү 1-үшүк октябрда жүрөт. Жылдык жаан-чачыны областтын көпчүлүк бөлүгүндө 600 *мм*ге чейин, бийик тоолордо мындан да көп. Кышкы жааган кар көпкө жатпай эрип кетет. Климаты жылуучул өсүмдүктөрдүн бир катар баалуу түрлөрүн (пахта, анар, анжир) өстүрүүгө ыңгайлуу. Дыйканчылыкта бардык жер сугатты талап кылат. 1100—2000 *м* бийиктикте январдын орточо температурасы —5°С (эң төмөнкү температура —36°Сге чейин). Вегетация мезгили 150—175 күн. Жаздын акыркы үшүгү майда, күзгү 1-үшүк сентябрда жүрөт. Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун капталындагы жылдык жаан-чачыны 400—500 *мм*, Фергана тоо тизмегинде 900—1000 *мм*. Кышкысын дайыма кар жатат. 2000—3000 *м* бийиктикте жайгашкан алкактын климаты мелүүн, кышы узакка созулуп суук, жайы салкын. Январдын орточо температурасы — 10°С, июлдуку 10—11°С. Жылдын жылуу мезгили 90—95 күн, вегетация мезгили 50 күн. Жаан-чачыны бардык жерде 500 *мм*ден ашык. Кар ноябрда жаап, апрелдин орто ченинде эрийт. 3000 *м* бийиктиктен жогору жайгашкан жерлердин климаты катаал. Бардык мезгилде суук, айрым учурда жайында да кар жаайт.

Мөңгүлөрү. Областтын ири кырка тоолору нымдын эң бай аккумуляторлору катары мааниси зор. Алардан Сыр-Дарыя м-н Аму-Дарыянын алабындагы суулар башталат. Муз каптоонун негизги райондору: Чоң-Алай кырка тоосу — мөңгүлөрдүн жалпы аянты 650,2 *км*² (ирилери: Корженевский, Ленин, Корумду, Кызыл-Агын, ж. б.); Түркстан кырка тоосу — 151 *км*² (Райгород, Маяк, Шуровский, Ак-Суу, Зардалы, Кишеминн ж. б.); Кичи-Алай кырка тоосу — 122,8 *км*² (Кызарт, Карагай, Егоров ж. б.). Фергана тоо тизмегинде [түп.-чыгышындагы Бабаш-Ата тоо тармагынан (4490 *м*) башкасында] мөңгү жокко эсе. Түш.-чыгышында Алайкуу кырка тоосуна кошулган жердеги Сөөк ашуусуна жакын апча чоң эмес мөңгүлөр ж-а топтолгон карлар бар. Ал мөңгүлөрдөн Кара-Дарыя башталат.

Суулары. Сууларынын жылдык орточо агымы 29,9 млрд *м*³ же респ-канын жалпы сууларынын жылдык орточо агымынын 65%ин түзөт. Областтын аймагы аркылуу Кыргызстандын эң ири дарыясы — Нарындын төмөнкү бөлүгү агып өтөт. Ал респ-канын сууларынын агымынын 31%ин түзөт. Фергана өрөөнүндөгү Кара-Дарыя, Көгарт, Кара-Үңкүр, Ак-Буура, Исфара сууларынын респ-калар аралык ирригациялык мааниси чоң. Негизинен кар, мөңгү сууларынан куралган Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун суулары июль — августта эң көп агымын (40%ке чейин) берет; Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун суулары (негизинен кар суусунан куралат) эрте жазда кирет. Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу үчүн Нарын, Көгарт, Кара-Үңкүр, Пача-Ата, Араван-Сай, Исфара ж. б. сууларга суу сактагычтар курулган. Совет бийлиги мезгилинде областта жерди сугаруу үчүн Биринчи Май, Отуз-Адыр, 18-партсъезд атн. каналдары, Көгарт каналынын оң ж-а сол магистралдары курулуп, Базар-Коргон, Найман суу сактагычтары ишке киргизилди. Папан, Кемпир-Рабат суу сактагычтары курулууда, Ак-Буура сугат системасы реконструкцияланууда. Жер астындагы суу ресурстарынын да сугатта мааниси чоң. Алардын запасы айрыкча Өзгөн-Куршаб, Ноокат, Араван өрөөндөрүндө көп. Жерг. суулар өтө эңкейиштикте шар аккандыктан энергияга бай. Областка 70 млрд *квт·с* гидроэнергия туура келет (респ-каның гидроэнергия ресурстарынын 60%). Нарын д-нын энергия ресурстары интенсивдүү пайдаланылууда. Мында Үч-Коргон ГЭСи курулган. Төмөнкү Үч-Коргон (Шамалды-Сай), Таш-Көмүр ГЭСтери курулууда. Тоолуу жерлерде көптөгөн байламта көлдөр бар.

Топурагы ж-а өсүмдүктөрү. Тоо этегиндеги шлейфтер м-н жапыз тоо этектерин (деңиз деңгээлинен 1700 *м*) боз топурак ээлейт. Боз топуректүү зонанын кыртыш суулары жер бетине жакын жайгашкан жерлерде (Араван өрөөнүнүн түп., Көгарт өрөөнүнүн түш. бөлүктөрү, Кара-Дарыя ж-а Куршаб сууларынын жайылмалары) шалбаалуу боз, шалбаалуу саз ж-а саздак чым көң топурактары жатат. 1700—2500 *м* бийиктикте карбонаттуу күрөң топурак (составында 13% гумус бар) кездешет. Деңиз деңгээлинен 2000—2500 *м*ден жогору бетегелүү талаанын тоо топурагы, карагайлуу ж-а арчалуу токойдун күңүрт куба күрөң, күңүрт түстүү тоо-токой топурактары, каралжын, агыш күрөң, күрөң субалы ж-а тоолуу шалбаа алын топурактары ыраатгуулукта алмашылат. Өсүмдүктөрү өтө ар түрдүү. Эфемерлүү ж-а эфемероиддүү өсүмдүктөр ассоциациясы, о. эле ири чатырлуу өсүмдүктөр өскөн түркүн чөптүү шалбаа, түктүү буудайык-түркүн чөптүү, бадалдуу талаа арбын кездешет. Өтө сейрек кездешүүчү реликт жаңгак-момо токою өсөт. Тоо этектериндеги табигый ландшафт (деңиз деңгээлинен бийиктиги 500 *м*ден 1800 *м*ге чейин) каз пияз, бир жылдык түбү бош, коңур баш жылгын, фергана шыбагы ж. б. өсүмдүктөр өскөн эфемерлүү-шыбактуу жарым чөлдөн турат. Деңиз деңгээлинен 1500—3000 *м* бийиктикте ар кыл өсүмдүктүү тоолуу талаа жайгашкан. Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунда буудайык, Фергана ж-а Чаткал тоолорунда кызыл от, аюу чач, чайыр чөп, сарындыз басымдуулук кылат. Областтын чыгыш ж-а түш. бөлүктөрүндө бетегелүү, тулаңдуу, шыбак-дан өсүмдүктүү талаа кеңири аянтты ээлейт. Фергана тоо тизмегинде, Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндө токой м-н бир комплексте бийик тоолуу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа алкагы (1600—3000 *м* бийиктикте) жайгашкан. Токой (негизинен арча токою) Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун капталдарында көп кездешет. Айрым жерлерде ал талаа зонасына да кирип кетет. Фергана тоо тизмегиндеги жаңгак-момо токоюнун (аянты 70 миң *га*) чарб. мааниси өтө чоң. Мында жаңгак, алма, алча, алмурут, бөрү карагат, ит мурун, долоно ж. б. өсөт. Жаңгак (жалпы союздук жыйымдын 70%ине чейини) ж-а мебель ө. ж-нын эң баалуу материалы — жаңгак жыгачы даярдалат. Жаңгак-момо токоюнун топуракты ж-а нымды сактоодо мааниси чоң. Токой зонасында 15 токой чарбасы түзүлгөн. 3000—3500 *м* бийиктикте субалы шалбаалуу талаа өсүмдүгү, 3200—4000 *м*де альп доңуз сырты өсөт. Бул алкактардын өсүмдүктөрү жайдын орто ченинде кыска мөөнөткө кой ж-а топозго жайыт катары пайдаланылат.

Жаныбарлары. Областтын ландшафтынын өзгөчөлүгү андагы жаныбарлардын өтө ар түрдүү болушуна шарт түзгөн. Региондун аймагында момолой, кош аяк, текоорсүз чулдук, сары чычкан, суур, аламан, коён, кашкулак, чүткөр кездешет. Жырткыч жаныбарлардан — арыс чычкан, арыс, кадимки суусар, илбирс, сүлөөсүн, карышкыр, түлкү, аюу; туякгуулардан—элик, тоо ечки, аркар, доңуз мекендейт. Канаттуулары: көк жору, тоо мукуру, улар, чөкө таан, арчачы балта тумшук, кооз мыймыт, корум таранчысы, тянь-шань тоңкулдагы, чар карга, кулактуу үкү, кышкуйрук. Мурда жок болуп кеткен кыргоол м-н чил кайрадан көбөйүүдө. Промыселдик балыктардан сазан, кацылтыр, көкчаар кездешет.


Калкы. Областтын аймагында байыркы убактан бери көчмөн элдер жашаган. Тоо этегиндеги түздүктөрдө мындан 2000 жыл мурда алгачкы маарлар пайда болгон. Калкынын калыптанышына дыйканчылыгы өнүккөн Фергана оазистеринин жакын жайгашуусу чоң таасир тийгизген. Ак-Буура, Кара-Дарыя, Кара-Үңкүр сууларынын өрөөндөрүндө кыргыз эли өзбектер м-н өчактан бери эле аралаш жашаган. 19-к-дын аягында көмүр казып алууга байланыштуу Түш. Кыргызстанга (Сүлүктү, Кызыл-Кыяга) Волга боюнан татар жумушчуларынын чоң тобу көчүп келишкен. Совет бийлиги жылдарында тоо-кен ө. ж-нын өнүгүшүнө байланыштуу Ош обл-на Советтер Союзунун ар кайсы районунан адистер келишкен. Азыр областка калктын табигый тез өсүшү (1000 адамга 28 киши; 1980) мүнөздүү. Мында кыргыз, өзбек, орус, украин, тажик, татар ж. б. жашайт. Калкы областтын аймагы б-ча бир кылка отурукташкан эмес. Калктуу жайлардын көпчүлүгү тоо этегиндеги оазистер м-н тоо аралык жапыз өрөөндөрдө (деңиз деңгээлинен 1300 *м* бийиктикке чейин) жайгашкан. Ак-Буура, Көгарт, Араван, Кара-Үңкүр, Өзгөн-Куршаб өрөөндөрүндө калк жыш (1 *км*² жерге 70—100 киши) отурукташкан, ал эми бийик тоолуу жерлерде 1 *км*²ге 1ден гана киши туура келет. Совет бийлиги жылдарында шаар калкы тез өстү.

Ош (калкы 183,4 миң) — Кыргызстандагы 2-ири шаар; О. Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири. Ош алгачкы жолу араб жазуу эстеликтеринде 9-к-дан эскерилет. 16-кылымдан тартып динчилдер ал ичине шаарды Сулайман пайгамбар негиздеген деген легенданы таратышып, ошондон улам ал Фергананын диний борборлорунун бирине айланган.

Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин шаардын түш. бөлүгү орус келгиндери тарабынан курула баштаган. Мында тегирмен, ичеги-карын артуу, пахта тазалоо, пиво з-ддору курулган. Совет бийлиги жылдарында Ош бүтүндөй өзгөрдү. Ал областтын админ., индустриялык ж-а маданий борбору. Мында респ-канын жеңил ө. ж. продукциясынын 12%, тамак-аш ө. ж-нын 6%, курулуш материалдар ө. ж. продукциясынын 8,1% даярдалат; металл иштетүү ж-а машина куруу ө. ж-лары калыптанып, ийгиликтүү өнүгүүдө. Оштон 22 *км* түн.-чыгышта — Анжиян — Кок-Жаңгак ж-а Ош — Кара-Суу т. ж. тармактарынын кесилишинде Кара-Суу ш. жайгашкан. Ал аркылуу Ош ж-а Жалал-Абаддан сыртка чыгарылуучу жүктүн бардыгы өтөт. Кара-Суу ш-нан 45 *км* түн. тарапта, Көгарт өрөөнүнүн төмөн жагында Ош обл-нын ири шаарларынын бири—Жалал-Абад жайгашкан. Ал Айш-Тоонун этегиндеги дарылык каспети бар булакка жакын жерде 1880-ж. кыштак катары пайда болгон. 1916-ж. Анжияндан бул жерге дейре т. ж. жеткирилген, бирок шаар көп убакытка чейин чоң кыштак катары кала берген. Жалал-Абад — Түш. Кыргызстандын индустриялуу борборлорунун бири. Ө. ж. дүң продукциясынын көпчүлүгүн жеңил ө. ж. берет, тамак-аш ө. ж. чоң мааниге ээ. Мебель ф-касы продукцияны жерг. жаңгак жыгачынан, о. эле Хабаров ж-а Краснояр крайларынан алынып келинген жыгач материалдардан чыгарат. Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Кара-Дарыя суусунун жээгинде Өзгөн ш. жайгашкан. Ал түрктердүн Фергана өрөөнүндөгү чеби катары 8—9-к-да негизделген. О. Азиядан Кытайга кеткен Улуу жибек жолунун бир тармагындагы соода түйүнү болгон. Өзгөндө 3 мавзолей ж-а мунара сакталган.



Арстанбап жаңгак-момо токою. Арткы планда — Бабаш-Ата кырка тоосу.



Ош ш-ның борб. болүүгү.

Алар азыр калыбына келтирилген. Шаар областтын райондору м-н Өзгөн — Кара-Суу автомобиль жолу аркылуу байланышат. Когарт ороонунон чыгышта, Фергана тоо тизмегинин Суран-Дөбө тармагында, Жалал-Абаддан 25 *км* аралыкта Кок-Жаңгак ш. жайгашкан. Анын ө. ж. дүң продукциясынын 90%-тен ашыгын көмүр казып алуу түзөт. Майлы-Сай 1956-ж. жумушчу посёлкасынан шаарга айландырылган. Нарын д-нын куум капчыгайындагы Таш-Көмүр шаары ага жакын жердеги көмүр кенин казып алууга байланыштуу пайда болгон. Нарын дарыясынын Фергана ороонуно чыга беришиндеги Үч-Коргон ГЭСинин плотинасынын жанында Шамалды-Сай жумушчулар посёлкасы орун алган. Избаскен нефть ж-а газ кенинин түштүгүндө, Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда нефтичилердин Кочкор-Ата шаар тибиндеги посёлкасы, Кызыл-Кыя көмүр кенинин жанында Кызыл-Кыя ш. орношкон. Шаардын жака-белинде көмүр шахта ыкмасы м-н, Абшырда ачык жол м-н казылып алынат. Түркстан кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндөгү кууш капчыгайда Сүлүктү ш. жайгашкан. Сүлүктү кенинен күрөң көмүр казып алуу көбөйүүдө. Шахталардын жанында бир нече посёлкалар — Сүлүктү ш-ның спутниктери пайда болду. Түстүү металл кендеринин жанында бир нече жумушчу посёлкалары жайгашкан. Кадамжай сурьма кенинин жанында областтагы түстүү металлургиянын эң ири борбору — Фрунзе ш. т. посёлкасы, Хайдаркен сыман кенинде Хайдаркен ш. т. посёлкасы, Кан коргошун-цинк кенинин жанында Совет посёлкасы, Кызыл-Кыядан 20 *км* түш.-чыгыш тарапта, полиметалл кенине жакын Чаувай ш. т. посёлкасы жайгашкан.


Калкынын саны ж-а жыштыгы (1982)


Калкынын саны, миң м-н	Анын ичинен		Бардык калкка карата % м-н		1 *км²* жердеги кишинин саны
	шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
1557,6	460,8	1096,8	28,8	71,2	25

Эл чарбасы. Областтын эл чарба комплексинин негизин тоо-кен, отун, энергетика, жеңил, тамак-аш ө. ж-лары, ө. эле пахтачылык, тамекичилик, дан чарбачылыгы ж-а жайытта багылуучу мал чарбасы түзөт.

Өнөр жайы. Областта респ-кадагы түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металлдардын, көмүрдүн (95%), нефтинин (100%), табигый газдын (100%), жибектен (100%) ж-а пахтадан (96%) токулган кездемелердин, өсүмдүк майынын (100%) негизги өндүрүштөру топтолгон. Рев-ня-га чейин жерг. ө. ж. эң төмөнкү абалда болгон. 70-жылдары областта респ-канын ө. ж. продукцияларынын $^1/_{20}$-не жакыны чыгарылды. Ө. ж-ның эң маанилүү тармагы — тоо-кен ө. ж. ж-а түстүү металлургия. Крайды индустриялаштыруу аталган ө. ж. тармактарын өнүктүрүүдөн башталган. Түстүү металлургиянын эң ири ишканасы — М. В. Фрунзе атн. Кадамжай тоо-металлургия комбинаты. 1936-ж. комбинат биринчи жолу металл сурьмасын чыгарган. Мындан башка ал сурьманын үч кычкылын, бош күкүрттүү сурьманы ж-а анын башка бирикмелерин чыгарат. Кадамжайдын металлургдары Кыргыз ССР ИАнын илимпоздору м-н бирдикте 99,999 таза металлы болгон жогорку тазалыктагы «Су-экстра» сурьмасын алышып, ал дүйнөлүк эталон катары кабыл алынган. Комбинаттын чыгарган продукциясы 44 өлкө-го жөнөтүлөт. Хайдаркен комбинаты киноварь казып алууга ж-а таза сыман чыгарууга адистештирилген. Кан кенинде коргошун-цинк рудалары казып алынып, байытылат. Отун ө. ж.— алдыңкы ө. ж. тармактарынын бири. Мында 19-к-дын 60-жылдарынын аягынан көмүр казылып алына баштаган (Сүлүктү, Кок-Жаңгак, Кызыл-Кыя). Совет бийлиги жылдарында жөнөкөй көмүр шахталары көмүр казуучу жаңы комбайн, электровоз, көмүр жүктөөчү машиналар м-н жабдылган шахта ж-а штольнялар м-н алмашылды. «Кара-Суу», «Тегерек», «Алмалык» кендеринде көмүр ачык жол м-н казып алынат. 1980-ж. көмүр казып алуу рев-ня-га чейинки деңгээлге караганда 40 эсе өстү. Областтагы көмүр кендери респкада казылып алынган көмүрдүн 95%-ин, О. Азияда казылган көмүрдүн 45%-ин берет.

Түш. Кыргызстан — нефть ж-а газ казып алуу б-ча респ-када бирден бир район. Нефть казып алуу 1937-ж. Чаңгыр-Таш кенинде башталып, алгачкы мезгилде жылына 24 миң *т* нефть алынган. Нефть 2200 *м* тереңдиктен алынат (Көк-Таш, Избаскен). Түш. Кыргызстандын нефть промыселдеринде СССРде биринчи болуп нефть скважиналарын компрессорсуз газ-лифт ыкмасы м-н ишке киргизүү сыноодон өткөрүлгөн. Областта табигый газды казып алуу 1957-ж. Избаскен кенинде башталып, алгачкы мезгилде жылына 40 млн $м^3$дей газ алынган. 1980-жылга карай газ алуу 8 эседен ашык көбөйдү. Газ дээрлик Майлы-Суу кенинен алынат. Ал узундугу 120 *км* келген Майлы-Суу — Жалал-Абад — Ош газ жургүчү аркылуу өтөт (жылына 0,5 млрд $м^3$). Энергетика өнүккөн. 1962-ж. Нарын д-нда кубаттуулугу 283 миң *квт* Үч-Коргон ГЭСи ишке киргизилип, Ош ТЭЦинин биринчи кезеги (кубаттуулугу 50 миң *квт*) курулду. Машина куруу ө. ж. өнүгүүдө. Анын ири ишканалары: Оштогу күюу-механикалык ж-а борбордон четтөөчү насос з-ддору, Кара-Суудагы жол куруу машиналарын ж-а автомобиль ремонттоо ишканасы, Жалал-Абад РЕВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын токуу цехи.





Өзгөн ш-ндагы май з-дында.

моптоо (а. ч. техникасын) з-ду, Кызыл-Кыя, Кок-Жаңгак, Сүлүктү ж-а Таш-Көмүрдөгү машина ж-а жабдууларды ремонттоо ишканалары. 70-жылдарда областта электр-техника ө. ж. (Майлы-Сай электр лампа ж-а Жалал-Абад штепсель жасоо з-ддору) түзүлдү. Майлы-Сай электр откорбоочу материалдар з-ду лак сицирилген кездеме, баракчалуу ж-а панелдүү электролит, электр откорбоочу түтүк ж-а тасма чыгарууга адистештирилген. Курулуш индустрия ишканаларына Ош м-н Жалал-Абаддагы курулуш материалдар комбинаттары кирет. Ош, Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыяда темир-бетон буюмдарын чыгаруучу з-ддор, Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр ж-а Сүлүктүдө кирпич (бышырылган), гипс, черепица жасоочу ишканалар, Кызыл-Кыяда отко чыдамдуу буюмдар, Оштo асфальт-бетон, Шамалды-Сайда дубал материалдарын чыгаруучу з-ддор иштейт.


Жергиликтүү ө. ж. дүң продукциясынын 30% жеңил ө. ж-ның үлүшүнө туура келет. Маанилүү тармактары: пахта тазалоо, пахтадан кездеме токуу, жибекти иштеп чыгаруу. Ош, Жалал-Абад, Араван ж-а Кара-Суудагы пахта тазалоо з-ддорунун продукцияларынын 40%-ке жакыны ГДР, Польша, Финляндия, Англия ж. б-га чыгарылат. Жеңил ө. ж-ның орчундуу ишканасы — Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош пахтадан кездеме токуу комбинаты. Ал — О. Азиядагы ишканалардын ирилеринин бири. Комбинатта 2 ийрүү-токуу ж-а 2 түр салуу ф-калары иштейт. 70-жылдары комбинат жылына 44,5 млн *м* кездеме чыгарып турган. Жибек ө. ж-нан Ош жибек комбинаты иштейт. Ал пилла түрмөктөө, ийрүү-токуу ж-а боёо-түр салуу ж. б. цехтерден турат. 1979-ж. ишканада 9 млн *м* жибек кездеме чыгарылган. Оштогу грена з-ду областты ж-а Өзбекстан м-н Тажикстандын айрым райондорун грена м-н камсыз кылат. Жеңил ө. ж-ның башка тармактарынан бут кийим («Алай» фирмасы, Кызыл-Кыя, Жалал-Абаддагы болүмдөр м-н) ж-а 15 ишканадан турган кийим тигүү (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Өзгөн ж. б.) ф-калары иштейт. Тамак-аш ө. ж. (12 тармактан турат) өнүккөн. Эт продуктусунун 7 (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү ж. б.), сүт продуктусунун 14 (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Өзгөн, Караван, Сүлүктү ж. б.), нан бышыруучу (бардык шаарларда ж-а бир катар кыштактарда) ж-а кондитердик (Жалал-Абадда) ишканалары бар. Кара-Сууда жылына 20 миң *т* тазаланган пахта майын, ө. эле күнжара, самын ж. б. чыгаруучу май з-ду иштейт. Октябрь кыштагында шарап з-ду, Өзгөндө шарап чыгаруу цехи (ө. ж. комбинатына караштуу), Ошто арак-ликёр з-ду, Жалал-Абад м-н Өзгөндө пиво з-ддору бар. Кызыл-Кыя м-н Жалал-Абадда тамеки-ферментток ишканалары, Шамалды-Сайда пахта целлюлозасын чыгаруучу з-д (пахта тазалоочу ө. ж-ның калдыгынан), Жалал-Абадда мебель ф-касы иштейт. Ош м-н Өзгөндө жыгач иштетүүчү чакан ишканалар бар.

Өнөр жай продукцияларынын айрым түрлөрүн натуралай чыгаруу (1981)

Электр энергиясы, млн *квт·с*	183
Жарык кылуучу электр лампасы, млн даана	346,7
Борбордон четтөөчү насостор, мин даана	38,2
Электр откорбоочу лакталган кездемелер, млн *м*	8,9
Курама темир-бетон конструкциялары ж-а болүктөр, миң $м^3$	242,4
Кирүлүш кирпичи, млн даана	159,6
Пахта буласы, миң *т*	59,2
Жибек буласы, *т*	100
Тигилүү кийим толук парны б-ча, млн сом	50,9
Булгаары бут кийим, миң жуп	320,8
Эт (I-категориядагы субпродукту м-н бирге), миң *т*	30,7
Колбаса, миң *т*	4,6
Мал майы, миң *т*	3,2
Ынак сүт азыгы (сутко айландырганда), миң *т*	41,8
Консервалар, млн банка	31,8
Ун, миң *т*	163,4
Нан, миң *т*	69,6
Аралаш тоют, миң *т*	173,3
Минералдуу суулар, жарым *л*	590000

Айыл чарбасы. Областта 63 колхоз, 88 совхоз, 4 тажрыйба чарбасы, 7 канаттуулар ф-касы бар (1983). А. ч-сынын башкы тармагы — дыйканчылык. Ал а. ч. дүң продукциясынын 60%-ке жакынын берет. А. ч-га жарактуу 3075,3 миң *га* жердин 398,3 миңи айдоо (1980).

Айдоо жеринин көпчүлүгүн дан эгиндери ээлейт, бирок дүң ж-а товардык продуктунун паркында техникалык өсүмдүктөрдө (пахта, тамеки) алдыңкы орун таандык. Пахта алынты ороондун тоо этегиндеги тилкелеринде (абсолюттук бийиктиги 500—1000 *м*) жайгашкан. Кара-Суу, Ленин, Базар-Коргон, Сузак, Араван р-ндоруна пахта алынтынын 91% туура келет. 70-жылдарда



Ленин р-нундагы Рахманжан атн. к-здун пахта талаасы. Солдо — Соц. Эмг. Баатыры Саадат Ногоева.

пахта өстүрүү б-ча жаңы совхоздор («Кара-Суу», «Правда», «Кызыл-Жар») уюшулду. Түшүмдүн 60%-тен ашыгы пахта жыйноочу машиналар м-н жыйналат. 1980-ж. областта 206,6 миң *т* пахта даярдалган. Тамеки алгачкы ирет Ноокат, Өзгөн-Куршаб ороондорүндө, Когарт ороонунун ортоңку бөлүгүндө өстүрүлө баштап, 60-жылдардан ал чарбанын товардык тармагына айланды. 70-жылдардын аягынан тартып Баткен ороонүндө да тамеки эгилет. 1960—81-жылдарда тамекинин аянты 4,0 эсе көбөйүп, түшүмдүүлүгү гектарына 19 *ц*-ге чейин жогорулады. Респ-кадагы дан өсүмдүктөрүнүн аянтынын 30%-ке жакыны областтын аймагына топтолгон. Анын негизгиси — буудай. Ал тоо этектеринде жайгашкан оазистердеги сугат жерлерге, ө. эле адырлардагы, орто бийиктеги тоолордун жантайыңкы капталдарындагы ж-а айрым тоо аралык ороондордогу кайрак жерлерге да айдалат. Башка дан өсүмдүктөрдөн жүгөрү (негизинен тоо этегиндеги сугат жерлерде), бийик тоолуу ороон-

дердо арпа, Кара-Дарыянын жайылмасында, Когарт ороонундо, Араван р-нунун аймагында шалы эгилет. Дан өсүмдүктөрүнүн жогорку сорттогу үрөнүн «Когарт» совхозу өстүрөт. 1981-ж. респ-кадагы жашылчанын айдоо аянтынын 31%, бакчанын 30%, картошканын 21% Ош обл-на туура келген. Мында жашылча м-н бакча Түп. Кыргызстандагыга караганда эрте бышып, канттуулугу м-н айырмаланат. Картошка Ноокат, Өзгөн-Куршаб ороондорунда, Когарт ороонунун жогорку зонасында негизинен 1200—1500 *м* бийиктикте өстүрүлөт. Жашылча ж-а бакчачылык шаар м-н жумушчу посёлкаларынын аймагында оңуктүрүлүп, шаар айланаларында «Кеңеш», «Кадамжай», «Лейлек», «Кызыл-Кыя», Тайгараев атн. ж. б. жашылча совхоздору уюшулду. Областта Кыргызстандагы жемиш багы м-н жүзүмдүн $^1/_3$пен ашыгы топтолгон. Кеңири таралгандары: өрүк, шабдалы, алча, жүзүм. Өзгөн-Куршаб ороонундо, Когарт ороонунун ортоңку бөлүгүндө алма ж-а алмурут багы басымдуу. Баткенде, Лейлек р-нунун тоо этегиндеги ороондорүндө өрүк багын өстүрүү өнүккөн. Араван р-нунун айрым жерлеринде ж-а Когарт ороонунун ортоңку зонасында анар, анжир, мисте, бадам өстүрүлөт. Облыттын тоют базасынын негизин жайыт түзүп, аның бир бөлүгү Өзбекстан м-н Тажикстандын чарбаларына узак мөөнөткө пайдаланууга берилген. Абдан оттуу жайыт ж-а чабынды жерлери Фергана тоо тизмектеринин шалбаалуу талаа алкагы м-н Алай ороонундо.

Чарбалардын бардык категориялардагы айдоо аянттары (миң *га* м-н, 1981)	
Бардык айдоо аянты	391,1
Дан ж-а дан-буурчак өсүмдүктөрү	154,8
Пахта	72,4
Тамеки	12,3
Картошка	4,9
Жашылча	5,0
Тоют өсүмдүктөрү	137,6

Мал жебеген ж-а уу чөптөрдү жок кылуу, минерал жер семирткичтерди чачуу, шалбаа өстүрүү, кошумча чөп себүү ж-а жайытка суу чыгаруу б-ча көп иштер жүргүзүлүүдө. Сүт багытындагы мал чарбалуу бир катар р-ндордо көп жылдык маданий жайыттар түзүлдү. Талаадан тоют топтоону оңуктүрүү, сенаж, таңгакталган чөптү, витаминдүү чөп унун, майдаланган тоюттарды далдоону көбөйтүү б-ча чаралар ишке ашырылууда.

Областтын мал чарбасынын башкы тармагы — кой чарбасы. Ал респ-кадагы бардык койдун $^1/_3$инен ашыгын түзөт. Кой чарбасы бардык райондордо, айрыкча Алай, Совет, Ала-Бука, Жаңы-Жол, Лейлек, Өзгөн р-ндорунда оңүккөн. «Катта-Талдык», «Алай», Ленин атн. ж. б. адистештирилген ири кой чарба с-здору уюшулду. Кой негизинен жайытта багылып, негизги породалары — кыргыз ж-а тянь-шань чала уяң жүндүү, о. эле Ош обл-нда бийик тоолуу шартка ылайыкташкан алай куйруктуу койлору. Колхоз аралык кыркын пункттарынын көптөгөн тармактары бар. Түш.-батыштагы райондорунда (Лейлек, Баткен, Фрунзе) эчки багылат. Областка респ-кадагы бардык уйдун 40%ке жакыны туура келет. Негизги породалары ала-тоо ж-а олуя-ата уйлары. Негизинен колдо ж-а колдо-лагерде, тоолуу жерлерде жайкысын жайытта, кышында колдо багылат. Областта уйду бордоп семиртүү б-ча колхоз аралык ж-а чарба аралык 10 комплекс иштейт. Алай, Совет, Фрунзе р-ндорунун айрым чарбаларында бир аз топоз бар. Областтын чарбаларында жылкы багылат. Тоолуу райондордо эт, кымыз белгиленет. Областка

респ-кадагы бардык чочконун 7,5% гана туура келет. Ош ж-а Жалал-Абад ш-ларынын айланасындагы ж-а Когарт, Өзгөн-Куршаб ороондорүндө үй айрым чарбаларда чочко багылат. Канаттуулар фермалары онүгүүдө. Кара-Суу ж-а Жалал-Абад ш-ларына жакын жерде канаттуулар ф-калары курулган. Жаңгак-момо токой зонасы м-н Өзгөн-Куршаб ж-а Когарт ороондорүндөгү айрым чарбаларда аары багылат. Араван, Кара-Суу, Ленин, Сузак, Фрунзе райондорунун тоо этектериндеги түздүктөрүндө ж-а ороондорүндө жибек куртун багуу онүгүүдө.

Транспорту. Рев-ярга чейин Ош обл. жолсуз край эле. Тоо этектеринде унаа транспорту (араба ж. б.) жүргөнгө ылайыкталган жолдор, тоолордо аттан жүрүүгө гана жараган жалгыз аяк жолдор болгон. Көмүр о. ж-ынын онүгүшү 1907-ж. Драгомирово станциясынан (азыр Пролетарск) Сүлүктү көмүр кенине чейин куюп темир жолду (узундугу 33 *км*) куруу зарылчылыгын туудурган. 1908-ж. Апжиин — Жалал-Абад темир жол тармагы курулган. Совет бийлиги жылдарында Кувасай — Кызыл-Кыя (1928), Кара-Суу — Ош (1930), Жалал-Абад — Кок-Жаңгак (1932), Уч-Коргон — Таш-Көмүр (1935) темир жол тармактары курулду. Пролетарск — Сүлүктү куюп темир жолу кайрадан конструкцияланды. Областтагы темир жолдун узундугу 176 *км*. Тоолуу жерлеринде автомобиль транспорту негизги орунду ээлейт. Ал ички жүк ташууда чоң роль ойнойт. Автомобиль жолунун узундугу 8606 *км*, анын 5000 *км* асфальтталган. Эң ири автомобиль жолдору: Фрунзе — Ош, Ош — Хорог, Ош — Сүлүктү, Ош — Кара-Суу, Ош — Өзгөн, Ош — Жалал-Абад автомобиль жолдору м-н жүк көп ташылат. Аба транспорту тез онүгүүдө. Областтагы ички аба жолунун узундугу 20 миң *км*ге жакын. Ош (күнүнө 30дай рейс жасайт) ж-а Жалал-Абад (10 рейс) аэропортторунун мааниси чоң. Ала-Бука, Караван, Кызыл-Кыя, Баткен, Исфана, Хайдаркен ж. б. жерлерде аэропорттор бар. Түтүк транспорту өнүккөн. Майлы-Сай — Жалал-Абад — Кара-Суу — Ош, Түп. Сох — Хайдаркен — Кадамжай газ жүргүзгүчү, Кочкор-Ата — Ванновка (Өзбекстан) нефть жүргүчү ишке киргизилди. Областта түтүк транспортунун узундугу 96 *км*.

Маданий курулуш. Совет бийлиги жылдарында эл агартуу, маданият, саламаттык сактоодо чоң ийгиликтерге жетишти. Ош педагогика институту (6 миңдей студент), Фрунзе политехникалык ин-тунун филиалы, 4 техникум, педагогикалык ж-а музыкалык окуу жайлары (областта бардыгы 14 миңден ашык окуучусу бар 13 атайын орто окуу жайы иштейт) бар.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1981)	
Мектептер	820
андагы окуучулар, миң	403,1
Атайын орто окуу жайлары	13
андагы окуучулар, миң	15,5
Китепканалар	702
Клуб мекемелери	430
Киноустановкалар	473
Саламаттык сактоосу (1981)	
Бардык адистиктеги врачтар	3183
Ооруканалар	102
Ооруканалардагы орундар	17520

Ошто 2 театр — кыргыз драма ж-а өзбек музыкалуу драма театры, край таануу музейи бар. Жалал-Абадда элдик драма театры иштейт. Областтык «Ленин жолу» (1938-жылдан), «Ленинский путь» (1938), «Ленин йули» (1957) газеталары чыгат. Радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. 10 000 кишиге 19 врач туура келет.

В. В. Гречко

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ


Жалпы маалымат. Область 1970-ж. декабрда уюшулган. Борбору — Пржевальск ш. Составына 5 район (Ысык-Көл, Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң), 3 шаар (Пржевальск, Рыбачье, Чолпон-Ата) ж-а 5 ш. т. посёлка (Кажысай, Жыргалаң, Ак-Булак, Орто-Токой, Пржевальск пристаны) кирет. Респ-каның чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Казакстан, түш.-чыгышынан Кытай, батышынан ж-а түш.-батышынан Нарын обл., түш.-батышынан Чүй ороонундогу Кемин р-ну м-н чектешет. Область 1607,8 *м* бийиктикте жайгашкан Ысык-Көлдүн атынан аталган. Жалпы аянты 43,5 миң *км*^{2} (Кыргызстандын аймагынын

22%), калкы 363,4 миң (1982). Бул респ-каның калкынын 10%инө жакынын түзөт. Аймагы батыштан чыгышка 390 *км*ге, түндүктөн түштүккө 210 *км*ге созулат.

Табияты. Рельефинин түзүлүшү өтө татаал. Аймагы 2 негизги бөлүктөн — Ысык-Көл ороонунан ж-а Ысык-Көлдүн сырттарынан (Тескей Ала-Тоодон түштүктү карай СССРдин мамл. чек арасына чейинки аймак) турат. Ысык-Көл ороонун түндүктөн күнгөй, түштүктөн Тескей Ала-Тоолору курчап турат. Алар ороондун чыгышы м-н батышында бири бирине жакындашып, тоо аралык түюк мейкиндикти пайда кылат. Ысык-Көл ороону Чүй м-н Боом капчыгайы аркылуу туташат. Чоңдугу жагынан Ысык-Көл ороону О. Азияда Фергана ороонунан кийинки 2-орунда. Ороондун узундугу 275 *км*, жазылыгы 65 *км*. Борб. бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көл түздүктөр м-н курчалган. Ичке жээк тилкелерин кум каптан жатат, майда жумуру таштар, цементтелген кумдук, саздактуу жерлер да кездешет. Түздүктөр көлдүн чыгыш тарабында Түп, Жыргалаң сууларынын ороондору б-ча 40—50 *км*ге созулат. Көлдүн түп. жээгинде түздүктөрдүн жазылыгы 1—10 *км*, батыш жээгинде 10—15 *км*. Түш. жээгиндеги түздүктөрдү тоо этегиндеги айрым жалчалар бөлүп турат. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун этектери мезозой-кайнозойдо пайда болгон чөкмөлордон түзүлүп, сай, аң ж-а суу ороондору м-н өтө тилмеленген. Күнгөй Ала-Тоонун узундугу 280 *км*. Анын кыры 3800—4000 *м* бийикте жайгашкан. Эң бийик жери — Чок-Тал чокусу (4771 *м*). Тоонун борб. бөлүгү кар чегинен жогору жайгашып, анда анча чоң эмес мөңгүлөр ж-а кар жатат. Күнгөй Ала-Тоо 2 бөлүктөн (батыш, чыгыш) турат. Чыгыш бөлүгү Кемин-Челек тоо тоому аркылуу Иле Ала-Тоосу м-н туташат, батышы Боом капчыгайына тик түшөт. Тескей Ала-Тоонун узундугу 350 *км*. Анын эң бийик бөлүгү Ак-Суу ж-а Каракол сууларынын башталышында жайгашкан. Мында көптөгөн мөңгүлөр топтолгон. Эң бийик жери Каракол чокусу (5280 *м*). Түп.-батыш канталында тоо аралык тектоникалык ороондор (Көкүр-Өлөң — Ала-Баш, Семиз-Бел, Кажысай, Ак-Терек, Темир-Канат ж. б.) жайгашкан. Ысык-Көл ороонунан батышта ж-а түш.-батышта Орто-Токой, Кочкор ороондору орун алган. Тескей Ала-Тоонун түштүгүндө Нарын, Сары-Жаз сууларынын башталышында плато сымал түздүктөр — сырттар жайгашкан. Ал Адыр-Тоо, Сары-Жаз, Көолү-Тоо, Ак-Шыйрак, Эңилчек, Какшаал, Кайынды ж. б. тоолор м-н болүнүп жатат. Кырка тоолор түш.-батыштан түш.-чыгышты карай созулат. Эң чыгыш бөлүгүндө алар бири бирине жакындашып, эң чоң Мүзтаг тоо тоомун пайда кылат. Мында бийиктиги б-ча СССРдеги 2-чоку — Жеңиш чокусу (7439 *м*) жайгашкан. Калк аз отурукташкан Ысык-Көлдүн сырттары жайыт катары кеңири пайдаланылат.

Кен байлыктары. Ысык-Көл ороонунда көмүр (Жыргалаң, Соготту), калай, вольфрам, жез, висмут кендери (Сары-Жаз суусунун ороонундогу сырттарда), цемент даярдоого жарактуу ак таш тоғи (Күрмөнтү), айнек куму ж. б. курулуш материалдары бар. Дарылык каснети бар көптөгөн ысык булактардын базасында Жети-Өгүз, Жыргалаң, Ак-Суу ж. б. бальнеологиялык курорттор иштейт. Областта дары баткактардын ири кендери Покровка, Жыргалаң, Күрмөнтү, Чолпон-Ата, Чок-Тал, Улаколдо табылган. Алар негизинен Ысык-Көлдүн жээгинде ж-а акваториясында топтолгон.


Климаты бийиктик алкактуулукка байланыштуу. Муздак абанын ороого келишине аны курчап турган кырка тоолор тоскоолдук кылат. Климатына Ысык-Көл чоң таасир тийгизет. Анын жыл бою тоңбогон суусу ороондун климатын жумшартып, о. эле бийиктикте жайгашкан Тянь-Шандагы башка тоо аралык ороондордукунан өзгөчөленүүчү турат. Көлдүн жээк зонасында жайы мелүүн-ысык, июлдун орточо температурасы 18°Сге жакын. Кышы жумшак, түш. ж-а түн. жээктеринде январдын орточо температурасы —2°С, батыш бөлүгүндө —4°С, чыгышында —10°Сге чейин. Ороондун батышынан улам, чыгышынан сантаң шамалдары согот. Эң катуу шамал — уландын ылдамдыгы 20—40 *м/сек*га жетет. Улам м-н сантаң бир убакта согуп, бири бирине беттешсе, көл үстүндө куюнду пайда кылат. Көл жээктеринде бриз шамалдары басымдуу. Батыштан келген аба агымынын басымдуу болушу ороондун батышы м-н чыгышына жааган жаан-чачындын чоң айырмачылыгын пайда кылат. Ороондун батышында жайгашкан Рыбачье ш-ныи айланасында жылына 115 *мм*, чыгышындагы Түп кыштагынын аймагында 569 *мм* жаан-чачын жаайт. Чыгыш бөлүгүнө кар көп түшөт. Нымдануу шарты б-ча ал батыш ж-а чыгыш райончолорго бөлүнүп, чек арасы болжол м-н Барскоп суусу аккан узундук б-ча өтөт. Ороондун батыш бөлү-



гүнүн жазы салкын, жайы ысык, күзү узак, кышы суук, кар жаабайт. Жылдын жылуу мезгили 158—186 күнгө созулат. Үшүк октябрда, жазында майга чейин болот. Вегетация мезгили 151 күн. Абанын салыштырма нымдуулугу 57—62%. Өрөөндүн чыгыш болүгүндө жылуу мезгил 115—151 күн. Үшүк сентябрь — октябрда ж-а апр.— майда болот. Вегетация мезгили 152 күн. Кардын калыңдыгы 20—30 *см* келип, 140 күнгө дейре жатат. Абанын салыштырма нымдуулугу 60—65%. Жаан-чачын бардык жеринде жайында көп, кышында аз жаайт. Өрөөндө ачык күндөр көп болот. Ысык-Колдун сырттары кескин континенттик, кургак, катаал климаты м-н айырмаланат. Жылдык орточо температурасы 3°Сден —7°Сге чейин. Кышы узак (—40°Сге чейин аяз болот), январдын орточо температурасы —21°С. Жайы кыска, салкын (орточо температурасы 7°С). Көп жылдык тоң м-н катар айрым жерлерде топурактын мезгилдүү тоңушу да байкалат. Сырттарда жылдык жаан-чачын 200—300 *мм*, негизинен кар түрүндө (жай мезгилинде да) жаайт. Аязсыз күндөр чанда болот. Сары-Жаз өрөөнүндө январдын орточо температурасы —16°С, июлдуку 11°С. Жылдык жаан-чачыны 180 *мм*.

Мөңгүлөрү — тоо суулары пайда кылуучу маанилүү факторлордун бири. Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн жалпы аянты 221 *км*²ди, Тескей Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүкү 1081 *км*²ди түзөт. Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн көбү Чоң-Ак-Суунун өрөөнүндө топтолгон. Мында жалпы аянты 65 *км*² келген 48 мөңгү бар. Тескей Ала-Тоонун көп сууларынын (Ак-Сай, Тоң, Тосор, Барскон, Жууку, Чоң-Кызыл-Суу, Жети-Өгүз, Каракол, Ак-Суу, Түргөн-Ак-Суу) башталышы муз каптоонун чордонун түзөт. Муз каптоонун эң чоң түйүнү ж-а ири мөңгүлөр Кан-Төшөр ж-а Жеңиш чокуларынын аймагында жайгашкан. Мында мөңгүлөрдүн жалпы аянты 1517 *км*²ден ашат. Ири мөңгүлөрү: Түш. Эңилчек (аянты 613,3 *км*², узундугу 58,9 *км*, орточо калыңдыгы 300—400 *м*), Түн. Эңилчек (аянты 202,9 *км*², узундугу 34,8 *км*, орточо калыңдыгы 200—300 *м*), Кайыңды (аянты 107,5 *км*², узундугу 25,8 *км*, орточо калыңдыгы 300 *м*) ж. б.


Суулары. Областтын суулары кар-мөңгүдөн куралып, Ысык-Көлдүн, Сыр-Дарыянын, Чүй, Тарим, Иле суусуларынын алабына кирет. Ысык-Көлгө 80 суу куюп, андан бир да суу агып чыкпайт. Көл өрөөнүндө суулар



Ысык-Көл.

бирдей таралган эмес. Батыш болүгүнүн суулары чакан, ал эми чыгышындагы суулардын чыгымы 6—8 *м*³/*сек*дан 10—20 *м*³/*сек*га чейин көбөйөт (Түп, Жыргалаң суулары). Эң ири суулары: Жыргалаң (узундугу 250 *км*), Түп (120 *км*), Чоң-Ак-Суу, Жети-Өгүз, Жууку, Чоң-Кызыл-Суу, Барскон ж. б. Суулары сугатка кеңири пайдаланылат. Өрөөндүн түн.-батыш болүгүнөн Чүй д., чыгыш чет-жакасынан Каркыра суусу (Иле суусунун алабы) агып өтөт. Ысык-Көлдүн сырттарынан Нарын ж-а Сары-Жаз суулары башталат. Область жер астындагы суулярга да бай, бирок алар сугатка аз пайдаланылат. Ысык-Көл — Тянь-Шандагы эң ири туюк көл. Аянты 6236 *км*², узундугу 178 *км*, жазылыгы 60 *км*ге чейин, жээк сызыгынын узундугу 688 *км*. Деңиз деңгээлинен 1607,8 *м* бийиктикте жайгашкан. Дүйнөдөгү бийик тоо арасындагы ири көлдөрдөн Титикакадан (Түш. Америка) кийин 2-, тереңдиги (668 *м*) ж-а суусунун көлөмү (1738 *км*³) жагынан 1-орунду ээлейт. Жээктен көлдүн ортосун көздөй алыстаган сайын тез тереңдеп, 0,5 *км* аралыкта 20 *м*ден ашат. Көл жай мезгилинде жылуулукту көп алгандыктан кышкысын тоңбойт. Көлдүн бетиндеги суунун температурасы июль — августта 18—20°С, тайыз жерлеринде ж-а булуңдарда 25—28°Сге жетет, ал эми тереңдеген сайын суунун температурасы төмөндөйт. Кышында көлдүн ачык бетиндеги суунун температурасы 4°Сден төмөн түшпөйт. Айрым жылдарда кышкысын көлдүн жээк тилкелеринде ж-а булуңдарда ичке муз тилкеси пайда болот. Суусу туздуу, ичүүгө жараксыз. Көлдүн деңгээли акырындап тартылууда. Респ-када анын деңгээлин бир калыпка келтирүү жолдору изилденүүдө. Нарын, Иле сыяктуу суулардын алабынан келген суу куйдуруу б-ча долбоорлор иштелүүдө. Тескей Ала-Тоонун түш. тарабындагы Ара-Бел сырттарында байыркы мөңгүлөрдүн аракетинен пайда болгон анча чоң эмес көлдөр бар.

Топурагы жана осүмдүктөрү. Областтын аймагында топурактын горизонталдык ж-а бийиктик алкактуулугу даана байкалат. Өрөөндүн түздүгүндө батыштан чыгышты карай таштуу бозомук күрөң, агыш күрөң, агыш кара көңүр, күңүрт кара көңүр, кара топурактар таралган. Капталдарында таштуу бозомук күрөң топурактуу чөл, агыш күрөң топурактуу чөлдүү талаа, тоолуу көңүр ж-а кара топурактуу талаа, тоолуу шалбаа-талаа, токой ж-а каралжын топурактуу токой-шалбаа-талаа, шалбаа топурактуу субальп тоолуу шалбаа, жука катмардуу бийик тоо-шалбаа топурактуу альп алкактары жайгашкан. Сырттарында бийик тоолуу чөлдүү талаа ж-а талаа, чала чым көңдүү, такырлуу, полигоналдуу, тундра ж-а таштуу начар өөрчүгөн топурактар басымдуу. Область түрдүү осүмдүктөрго бай. Өсүмдүктөрдүн таралышы бийиктик алкактуулук закон ченемине байланыштуу. Алкактар сериясы областтын батышында жээк түздүктөрдөгү чөлдүү алкактан башталып, жогору жагында жарым чөл ж-а шалбаалуу талаага отот, чыгышында томонтон жогору карай токой-шалбаа-талаа алкактары жайгашкан. Андан жогору бардык жерде субальп, альп ж-а гляциалдык-нивалдык алкактар жатат. Чөлдүү алкак өрөөндүн батышына (1700—2200 *м*) мүнөздүү. Анын осүмдүктөрү учтуу күүдөрөк, тянь-шань шыбагы, чекенде, көп жалбырактуу тоо куйрук формациясынан турат. Жарым чөл алкагы 2500 *м* бийиктикке чейин көтөрүлөт. Мында негизинен кавказ ак кылканы ж-а тянь-шань шыбагы осот. Бадалдардан кыргыз тоо куйругу басымдуу. Түздүктүн чыгыш болүгүн талаа алкагы ээлейт. Мында дан осүмдүктүү-бетегелүү талаа чыгышында түркүн чөптүү-дан осүмдүктүү талаа м-н алмашылат. Шалбаалуу талаа алкагы өрөөндүн батышында тоонун бийик этектери м-н орто бийиктиктеги тоолордун колоколуу капталдарында, чыгышында түздүктөрдө жайгашкан. Бул алкакта чымдуу талааның дан осүмдүктөрү — бетеге, кыргыз ак кылканы, же чөл сулусу түркүн чөптөр ж-а мезофил тибиндеги дан осүмдүктөрү м-н аралаш осот. Андан жогору токой-шалбаа-талаа алкагы жайгашкан. Токой осүмдүктөрү шренк карагайы м-н бадалдардан турат. Алардын арасында түркүн чөптүү дан осүмдүктөрү осот. Тескей Ала-Тоонун токойлору парк тибине кирет: карагайлар жалгыздан же топ-топ болуп осот. Субальп алкагынын төмөнкү чеги өрөөндүн батышы м-н чыгышында болжол м-н бирдей бийиктикте (3000—3200 *м*) жатат. Мында бийик тоолуу түркүн чөптүү-бетегелүү шалбаалуу-талаа, ырак-доңуз сырты ж-а дан осүмдүктүү-түркүн чөптүү шалбаа кездешет. Альп алкагында (3400 *м*ден жогору) кыска чөптүү альп шалбаасы басымдуу. Жыгач ж-а бадал осүмдүктөрү оспөйт. Нивалдык алкакта аскалуу кырлар, корум, морена, кар, моң-



Жети-Өгүздөгү Көк-Жайык жайлоосу.

гү жатат. Ысык-Көлдүн жээгин бойлой суулардын жайылмаларында камыш, агростис, ырак ж-а жапайы арпалуу шалбаа, ото каксоо жерлерде чычырканак, бөрү карагат, ит мурун, чий осот. Областтын сырттарында шыбак-бетегелүү тоолуу талаа, ырак-доңуз сырттуу шалбаа басымдуу; мох, эңилчек кездешет. Суунун жайылмаларында табылгы, чычырканак, кайың өсөт. Өсүмдүктөрү туташ тилкени түзбөйт.

Жаныбарлары ар түрдүү. Жээк түздүктөрдөгү калың чычырканакта кыргоол, коён, ондатра м-н уссури жанаты, токойлордо элик, сүлөөсүн, аюу, кашкулак, суусар, кызыл күсөн, тыйын чычкан кездешет. Тоолорун тоо эчки, илбирс, улар, жору, бүркүт мекендейт. Карышкыр, түлкү, суур да учурайт. Ысык-Көлдө сууда сүзүүчү көптөгөн канаттуулар [ак куу, ак кытан, чулдуктар, боз каз, ордок, кызыл тумшук ордок, кайырма (соно), кыл куйрук] кыштайт. Чабак, май чабак, алабуга (кок чаар), сазан кезигет. Промыселдик мааниси бар севан форели, волга судагы, арал лещи көбөйүүдө.

Калкы. Ысык-Көлдүн жээгинде эл мурдагы жылдардан бери жашаган. Мында 5—8-к-да эле шаарлар болгон. 17-к-дын ортосунан 18-к-дын 2-жарымына чейин Ойрот хандыгынын аскерлери кыргыздарга көп жолу көл салып турган. 1831-ж. Ысык-Көл өрөөнү Кокон хандыгынын бийлигине дуушар болгон. Кокондуктар мында Каракол ж-а Барскон чептерин курган. 1863-ж. Кыргызстан Россиянын составына өз ыктыяры м-н кошулгандан кийин 1-орус админ.-аскердик Ак-Суу кыштагы курулуп, Каракол ш., орус-украин келгиндеринин ж-а дунгандардын кыштактары негизделген. Совет бийлиги жылдарында Ысык-Көл обл-нда зор өзгөрүүлөр болду. 1926-жылга салыштырганда калкынын саны 2 эседен ашык көбөйдү. 70-жылдардын аягында калкынын табигый өсүшү ар бир 100 адамга 2 кишиден туура келген. Ысык-Көл өрөөнүндө кыргыз, орус, украин, өзбек, уйгур, дунган, татар, казак, корей ж. б. жашайт. Калкынын дээрлик бардыгы көл боюнда отурукташкан. Өрөөндүн батыш болүгүндөгү элдүү пункттар (Рыбачье ш. м-н Бокомбаев кыштагынан башкасы) чакан, өрөөндүн чыгышы дыйканчылыкка ыңгайлуу болгондуктан кыштактар чоң аймакты ээлеп, батыштан чыгышка карай алардын аралыктары кыскара баштайт. Пржевальск ш. (1889-жылга чейин ж-а 1921—39-ж.— Каракол) өрөөндүн түш.-чыгыш болүгүндө, Каракол суусунун боюнда, Тескей Ала-Тоонун этегинде, Ысык-Көлдүн жээгинен 13 *км* аралыкта, деңиз деңгээлинен 1770 *м* бийиктикте жайгашкан. Аянты 4805 *га;* калкы 60,3 миң (1982). Шаар 1869-ж. негизделип, улуу орус саякатчысы Н. М. Пржевальскийдин (1888-ж. 20-октябрда өлгөн, соогу шаардан 12 *км* аралыкта Ысык-Көлдүн жээгине коюлган) ысмынан аталган. Рев-яга чейин шаарда кустардык ө. ж. басымдуулук кылган. Азыр Пржевальскиде машина куруу, тамак-аш, жеңил, жыгач ж-а курулуш материалдар ө. ж. ишканалары бар. Педагогика ин-ту, педагогика ж-а медицина окуу жайлары, а. ч. техникуму, музыкалык мектеп, 12 жалпы билим берүүчү мектеп, 28 китепкана, 11 киноустановка, 16 клуб, 7 оорукана мекемелери (975 орундуу), 5 поликлиника иштейт. Маданият үйү, драма театры, Н. М. Пржевальский атп. край таануу музейи, дарылык касиети бар осүмдүктөрдүн зоналык тажрыйба станциясы бар. Пржевальскиге жакын жерде Ак-Суу, Жети-Өгүз ж-а Жыргалаң бальнеологиялык курорттору жайгашкан. Рыбачье ш.— Ысык-Көлдөгү башкы порт, союздук ж-а респ-калык маанидеги автомобиль жолдорунун маанилүү түйүнү, Луговой — Фрунзе — Токмок — Быстровка — Рыбачье темир жолундагы акыркы станция. 1871-ж. негизделген. 1954-ж. шаарга айланган. Башка калктуу пункттарга караганда Рыбачьеде бак-даракт аз (жаан-чачындын аздыгынан). Көп учурда катуу, кургак шамал жүрүп турат. Топурагы кургак. Шаарды жашылдандырууда негизинен жер астындагы суулар пайдаланылат. Электр энергиясын Фрунзеден алат. Чолпон-Ата — курорт шаар. Деңиз деңгээлинен 1620 *м* бийикте жайгашкан. 1943-ж. Чолпон-Атада балдардын соок-учук санаторийи курулгандан тартып көл жээгинде эс алуу ж-а дарылануу жайлары көбөйүүдө. Айрыкча 1960-жылдан ар түрдүү санаторийлер көп курулууда. «Чолпон-Ата» ж-а «Ала-Тоо» эс алуу үйлөрү (экөө биргиндө 1500 орундуу), «Көгүлтүр Ысык-Көл» (550 орундуу) санаторийи, көптөгөн пансионаттар иштейт. Санаторий м-н эс алуу үйлөрүнүн тейлөө мүмкүнчүлүгү артууда. Келечекте эс алуу

Калкынын саны ж-а жыштыгы (1982)


Калкынын саны, миң м-н	Анын ичинен		Бардык калкка карата % м-н		1 км² жердеги кишинин саны
	шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
363,4	114,8	248,6	31,5	68,5	8,1

индустриясы областтын экономикасынын бүткүл өндүрүштүк-аймактык комплексинин өнүгүү өзгөчөлүгүн аныктай турган алдыңкы тармагына айланат.

Эл чарбасы. Дүң продукциянын 53%ине жакыны а. ч-сынын, 47%тен ашыгы ө. ж-дын үлүшүнө туура келет. Областтын ө. ж. бүткүл респ-канын ө. ж-на караганда жогорку темпте өнүгүүдө. Ал мурда а. ч. сырьёсун алгачкы иштетүүдөн өткөрүүчү, артта калган бир жактуу гана өнөр жай болсо, азыр машина куруу, тамак-аш, көмүр, жеңил ж-а курулуш материалдар ө. ж-лары басымдуулук кылган, ар тараптан өнүккөн эл чарба тармагына айланды. Мал чарба продуктулары көп өндүрүлөт. Уяң жүндүү кой ж-а сүт багытындагы үй чарбасы өнүгүүдө. Келечекте өрөөн союздук маанидеги ири курорттук ж-а туристтик районго айланмакчы. Санаторийлер м-н эс алуу жайлары 1,5 млндой адамды тейлейт (1981). Ушуга байланыштуу областта рекреациялык чарба өнүгүүдө. Ысык-Көл — Чүй өндүрүштүк-аймактык комплексинин пайда болушу ж-а аның өнүгүшү областтын өндүргүч күчтөрүнүн келечекте өсүшүнө чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Ысык-Көл — Чүй өндүрүштүк-аймактык комплекси түзүлүп жаткан район суу, жер, гидроэнергия, минерал ж-а рекреациялык ресурстарга бай. Аны түзүүдө Ысык-Көл өрөөнүнүн сугат жерлеринде өнүккөн а. ч-сы кеңейтилмекчи. Ушуга байланыштуу экон. жактан натыйжалуу бир нече агрардык-ө. ж. комплекстери түзүлөт. Өзөктүн, Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышынын табигый байлыкта-

рын оздоштүрүүгө ж-а пайдаланууга байланыштуу ондүргүч күчтөрдү оңуктүрүүдөгү жаңы багыттар Ысык-Көл — Чүй ондуруштук-аймактык комплексин түзүүдө негизги маанеге ээ болот. Алар Ысык-Көл обл. м-н Чүй ороонунун аймагына топтолгон эл чарба тармактарынын бүткүл комплексинин экономикасын түзмөктүү.

Өнөр жайы. Рев-яга чейин Пржевальск уездинде (буга азыркы Нарын обл-нын бир бөлүгү да кирген) бир нече жарым кустардык ишканалар (пиво заводу, 3 май чыгаруучу, 11 тери иштетүүчү ишкана, суу тегирмендери, тактай тилүү, устакана ж. б.) болгон. Аларда иштеген жумушчулардын жалпы саны 120дан ашкан эмес. 80-жылдардын башында областтын о. ж. 20 тармактан турган. Областтын отуп о. ж. таш көмүр



Рыбачье момо-жемиш консерва з-ду.

казып алуучу ишканаларга («Жыргалаң», «Борбордук» шахталары) негизделген. Электр энергетикасы Пржевальск, Жети-Өгүз, Тоң, Түп, Чолпон-Ата энергия түйүндөрүн, райондук электр тармактарын бириктирет. Ысык-Көлдү айланта жогорку вольттуу линия жүргүзүлүп, ал Фрунзе энергия системасына бириктирилген. Машина куруу ишканалары Ысык-Көл электр-техника з-ддор бирикмесинен турат. Пржевальск ж-а Кажысай электр-техникалык ишканаларында күч берүүчү жаңарым өткөргүчтүү өзгөрткүчтөр, төмөндөтүүчү трансформатор, томпоктү вольттуу аппараттар, үй тиричиликтте пайдаланылуучу электр плитасы, лабораториялык электр меши ж. б. жасалат. Продукциясы бардык союздаш респ-каларга ж-а экспортко чыгарылат. Рыбачьедеги кеме куруу-ремонттоо з-ду Ысык-Көлдөгү кемелерди тейлеп, ремонттойт. Сибирь, Ыраакы Чыгыш

Өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн натуралай чыгаруу (1981)

Электр энергиясы, млн. *кет·с*	17,1
Курама темир-бетон конструкциясы ж-а тетиктер, миң $м^3$	41,1
Күрүлуш кирпичи, миң даана	19,4
Тигилүү кийимдер, толук парыы б-ча, млн сом	9,0
Булгаары бут кийим, миң жуп	207
Эт (I-категориядагы субпродуктулар кошо), миң *т*	19,9
Колбаса, миң *т*	2,2
Ынак сүт продуктулары миң *т*	21,1
Мал майы, миң *т*	1,7
Нан, миң *т*	24,4
Аралаш тоют, миң *т*	128,0
Момо-жемиш шарабы, миң *дал*	767
Пиво, миң *дал*	655

үчүн сүйрөтүлмө буюмдарды курат. Токой ж-а жыгач иштетүү о. ж-лары токой чарбаларынан, Рыбачье жыгач иштетүү з-дунан ж-а Пржевальск мебель ф-касынан турат. 70-жылдардан күрүлүш материалдар о. ж. өнүгө баштады. Пржевальск кирпич з-ду бышырылган кызыл кирпич, күрүлүш куму м-н шагылды, Күрмөнтү цемент з-ду портланд-цемент, клинкер, шифер, цемент-кум блогун, курама темир-бетон конструкциясын ж-а тетиктерди чыгарат.

Жеңил о. ж. ар кыл ассортименти м-н айырмаланат. Пржевальск кийим тигүү ф-касы кебез кездемеден эркектер м-н аялдардын костюмун тигүүгө адистештирилип, бут кийим ф-касы улуттук бут кийимдерди чыгарат. Пржевальск, Рыбачье, Чолпон-Атадагы ж-а райондун борборлору — Покровка, Түп, Боконбаев кыштактарындагы үй тиричилик комбинаттарында пальто, костюм, бут кийим, мех кийимдери тигилет. Тамак-аш о. ж. областта алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Эт-сүт, ун-акшак, нан бышыруу, балык, шарап чыгаруу о. ж-лары өнүккөн. Эт-сүт, май-сыр продуктуларын чыгаруучу ишканаларынын үлүшү чоң. Пржевальск ж-а Рыбачье эт комбинаттарынын продукциялары респ-кадан тышкары О. Азия респ-каларына ж-а Казакстанга да чыгарылат. Чолпон-Ата сүт комбинатына Анапьев сыр жасоо з-ду да каратуу. Пржевальск сүт комбинаты Пржевальск, Түп май з-ддорунан, Покровка, Сап-Таш сыр з-ддорунан, Ново-Вознесеновка, Чымындысай, Тоң сепараторлоо болумдорунон турат. Ун-акшак, нан бышыруу ж-а аралаш тоют о. ж-лары — Рыбачье ун, эт комбинаттары, Пржевальск нан з-ду. Пржевальск момо-жемиш шарап комбинаты бүтүндөй бир агрардык-о. ж-лык комплексти түзөт. Анын составына шарап з-ду ж-а озүнүн сырьё базасы — 400 *га* жемиш багы кирет. Жүзүм ж-а момо-жемиш шарабын, жемиш ширесин, консерва чыгарат. Рыбачьеде да жемиш комбинаты иштейт. Пржевальск пиво з-дунда пиводон башка да жылына 125 миң *дал* алкаголсуз ичимдик ж-а 1,6 миң *т* угут жасалат. Григорьевка балык комбинаты тоңдурулган, ысталган, кургатылган ж-а сүрсүтүлгөн балык белендеп, респ-кага жылына 1,2 миң *т* товардык балык берет. Тоң, Пржевальск балык з-ддорунда форель ж-а алабуга (көк чаар) балыктарынын личинкалары өстүрүлөт. Ысык-Көлдө эс алуучулардын көбөйүшүнө байланыштуу тамак-аш ж-а курулуш материалдар о. ж-лары тез онугүүдө. Сары-Жаз түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металл кенинин базасында Чыгыш Ысык-Көл тоо-о. ж. комплекси ири объектиге айланып, түстүү металлургия өнүкмөкчү.

Айыл чарбасы. Ысык-Көл обл.— улуң ж-а чала уяң жүндүү кой ж-а эт-сүт багытындагы үй чарба зонасы. Область респ-кадагы товардык өгүндүн (негизинен буудай), картошканын кыйла болүгүн берет. Багбанчылык, жашылча өстүрүү, канаттуулар ж-а аары чарбалары өнүккөн. Областтын бардык жер аянтынын (2925 миң *га*) а. ч-га жарактуусу 1596 миң *га* (же респ-каның а. ч. жеринин 15,5%). Анын 190,1 миңин айдоо (анын 129 миң *га*сы сугат жер), 1297 миңин жайыт, 13 миңин чабынды жер, 4,6 миңин көп жылдык бак-даракгар эзелейт. Областта 22 колхоз, 38 совхоз бар (1983). Область респ-ка даярдаган товардык өгүндүн 19%ин, жашылчанын 6,0%ин, картошканын 50%ин, момо-жемиштин 17,5%ин, кой чарбасынын 19,5%, үй чарбасынын 16%, чочко чарбасынын 11%, канаттуулар продуктусунун 18%ин, балдын 28,0%ин берет. Областта дүң продукциянын 60% мал чарбасына, 40% дыйканчылыкка туура келет. 3190 гидротехникалык объектилер, анын ичинде суу олчогуч посттор ж. б. курулган.

Жалпы айдоо аянты 190,1 миң *га*, б. а. Кыргызстандын бардык айдоо аянтынын 15%ин түзөт. Айдоо жерлери ороондун чегинде, айрыкча анын чыгыш ж-а борб. бөлүктөрүндө, Түп, Жыргалаң, Түргөн суулары-нын ороондорүндө, Боз-Учук жарым аралында, Тасма-Каранардын белинде жайгашкан. Айдоо жеринин көпчүлүгүн тоют ж-а дан өсүмдүктөрү ээлейт. Дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү 35—40 *ц/га*. Алардын ичинде күздүк буудай басымдуу (43,3 миң *га*). Анын кеңири массивдери Ак-Суу, Түп, Жети-Өгүз р-ндорунда жайгашкан. Башка дан өсүмдүктөрүнөн жүгөрү ж-а арпа эгилет. Тоют өсүмдүктөрүнөн көп жылдык чөп басымдуу. Эң жогорку түшүмдү (гектарынан орто эсеп м-н 78—80 *ц*) Ысык-Көл, Жети-Өгүз р-ндорунун чарбалары алат. Маанилүү тоют өсүмдүгү — жүгөрү. Көптөгөн чарбалар гектарынан 400—450 *ц*ден (сотосу м-н бирге) жүгөрүнүн жашыл массасын алат. Бир жылдык чөп, тамыры тоют өсүмдүктөр (тоют катары эгилген кант кызылчасы ж. б.) айдалат. 70-жылдарда респ-кадагы картошканын жалпы айдоо аянтынын 47% ж-а дүң жыйымынын 50% Ысык-Көл ороонуно туура келген. Область О. Азия респ-каларын үрөндүк картошка м-н камсыз кылат. Областтын чарбаларында жашылчанын айдоо аянты 1,1 миң *га*дай. Түп, Ак-Суу, Ысык-Көл, Жети-Өгүз р-ндорунун топурагы, климаттык шарттары жашылча өстүрүүгө ыңгайлуу. 19-к-дын 70-жылдарында Пржевальскиде, Түп ж-а Теплоключенка кыштактарында алгачкы жемиш бактары отургузула баштаган. Кочоттор Верный (Алматы) ш-нан алынып келинген. Совет бийлиги жылдарында жемиш бактарынын аянты кыйла кеңейтилип, 8 миң *га*дан ашты. Ысык-Көл ороонунун топурак-климаттык шарттары багбанчылык үчүн абдан ыңгайлуу. Мында алма, алмурут, өрүк, кайпалы, шабдалы ж-а алчадан мол түшүм алынат. Жер-жемиштер, айрыкча карагат м-н дан куурай жакшы мо-

Чарбалардын бардык категорияларындагы айдоо аянттары (миң *га* м-н, 1981)

Бардык айдоо аянты	190,1
Дан өсүмдүктөрү ж-а буурчак	79,8
Картошка	8,1
Жашылча өсүмдүктөрү	1,1
Тоют өсүмдүктөрү	100,6

молойт. Түшүмдүүлүгү 25—27 *ц/га*. Момосу кеч бышып, жакшы сактоого ж-а ташууга ыңгайлуу, о. эле даамдуулугу м-н айырмаланат. Келечекте Ысык-Көл ороону агрардык-о. ж. багбанчылык комплексине айланмакчы. Көптөгөн чарбалар жыл сайын Сибирдин о. ж-луу райондоруна алма жөнөтөт.

Областта туруктуу тоют базасы түзүлгөн. А. ч. жеринин 86% жайыт ж-а чөп чабынды, айдоо жеринин жарымын дээрлик тоют өсүмдүктөрү ээлейт. Андан тышкары дан эгиндеринин бир бөлүгү да тоютка пайдаланылат. Жайыттын негизги бөлүгү Сары-Жаз, Чоң Нарын д-ларынын алаптарында жайгашкан. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун капталдары, көл жээгиндеги түздүктөрдүн айрым жерлери жайыт катары пайдаланылат. Тоют базасы өнүктүрүлүүдө — чөптүн чыгышын жакшыртуу, жайыт которуштуруу, жер семирткич чачуу, химиялык жол м-н жайытты отоо ж-а уу чөптөрдөн арылтуу чаралары жүргүзүлүүдө. Сугат ж-а кайрак жерлерге чөп себүү м-н жазгы ж-а күзгү жасалма жайыт түзүлүүдө. 1980-жылга карай областта мындай жайыттардын аянты 5 миңдей *га*га жеткен. Кой чарбасы алдыңкы орунда. Ал негизинен кыска чөптүү, кургак талаа ж-а жарым чөлдүү табигый жайыттардын кепендигине байланыштуу. Уяң жүндүү кой басымдуу. Кой чарбасы ороондун борб. ж-а батыш бөлүктөрүндө айрыкча өнүккөн. Жыл бою жайытта багуунун ордуна кой асыроонун прогрессивдүү ыкмалары (жайытта-жарым жартылай колдо ж-а жайытта-колдо багуу) кеңири колдонулат; кышкы тол алуу кеңири кулач жаюуда. Негизги өндүрүштүк процесстери жогору механикалаштырылган кой чарба комплекстери (ар бири 2,5—3 миң койго) түзүлүүдө. Респ-кадагы үйдүн 15,8% Ысык-Көл ороонуно туура келет. Жылдан жылга инек үйлөр көбөйүүдө. Концентрациялоонун ж-а адистештирүүнүн негизинде үй эти арбын алынууда. Областта 4 чарба аралык бордон семиртүүчү база бар. Колхоздордогуга караганда мында 1 *ц* көшүмча салмак алууга тоют 1,7,



Ысык-Көл р-ндунда эгин жыйноо.

эмгек 5,9 эсе аз жумшалат. Үй чарбасын о. ж-лык негизге өткөрүү — эң алуунун көбөйүүгө шарт түзөт. Топоз чарбасы келечектүү тармакка айлануунда. Бир *кг* топоз этинин оздук наркы уйдукунан 4 эсе арзан. 1981-ж. Ысык-Көл ороонундо 20 миңден ашык топоз болгон. Чочко чарбалары ороондун чыгышында жайгашкан. Чочко породасын жакшыртуу ж-а чарбаны о. ж-лык негизге өткөрүүдөн анын саны көбөйүп, продукттуулугу жогорулады. Жылкы чарбасы маанилүү орунду ээлейт. Областтын курорт зонасында атайын кымыз-эт багытындагы жылкы чарбалары уюшулууда. Жылкы чарбасы ат спортун өнүктүрүүдө да маанилүү зор. Жылкы породасын жакшыртуу б-ча иштер Чолпон-Ата жылкы з-дунда жүргүзүлөт. Ал жылкынын түрдүү породаларын респ-канын асыл тукум жылкы фермаларына, өлкөнүн ипподромдоруна, чет өлкө берет. Заводдун жылкылары дүйнөлүк ж-а боордош респ-калардын көптөгөн байгелерине ээ болушкан. Областта канаттуулар чарбасы 30-жылдардан тартып өнүгө баштады. Чарбаларда канаттуулар фермасын уюштурууга Пржевальск ж-а Түп инкубациялык-канаттуулар станциясы чоң көмөк көрсөттү. Сары-Камыш кыштагында канаттуулар фабрикасы курулду. 70-жылдарда областтын көпчүлүк колхоз-совхоздору канаттуулар чарбасын өстүрө баштады. Аары чарбасы кеңири таралган ж-а келечеги кең. Бал челектер тоолуу ороондордо, субалпы шалбаалаларында, жол боюнда, эспарцет ж. б. айыл чарба өсүмдүктөрү айдалган аянттарда жайгашкан. Балык чарбасы о. ж. тармагы катары 30-жылдарда пайда болду. Балыктын түрлөрү анча көп эмес. Эң негизгилери: алабуга (салмагы 250—500 *г*), форель (айрымдары 16—17 *кг*), сазан ж. б. Ысык-Көлдө жылына 10—12 миң *ц* балык кармалат. Жалпы кармалган балыктын 85—95%ин май чабак түзөт.

Транспорту. Автомобиль транспорту маанилүү роль ойнойт. Ысык-Көлдү айланта кеткен автомобиль жолунун узундугу 450 *км*дей. Жол асфальтталган, аның боюнда областтагы калктуу пункттардын 80% жайгашкан. Башкы айланма жолдон Жыргалаң көмүр кенине, Жети-Өгүздүн сырттагы жайыттарына (Ак-Шыйрак кыштагына чейин), Каркыра ж-а Иле сууларынын ороонуно (Алматыга чейин), Сары-Жаз суусунун алабындагы сырттарга, Нарын д-нын баш жагына ж-а Тоңдун сырттарына, Рыбачьеден Нарынга ж. б. автомобиль жолдору кетет. Ысык-Көл обл.— Кыргызстандагы суу транспорту бар бирден бир район. 1926—70-ж. көл аркылуу жүргүнчүлөр ж-а жүктөр ташылып турган. Ысык-Көл бүткүл союздук курорт зонасына айлангандыктан 1970-жылдан жүргүнчүлөрдү, 1975-жылдан нефть ж-а нефть продуктуларын ташуу токтотулду. «Токтогул», «Москва», «Чайка» теплоходдору жүрөт, башкы пристандары: Пржевальск пристаны, Чолпон-Ата, Покровка. 1948-ж. Рыбачьего чейин т. ж. жеткирилген. Ал областты респ-канын башка райондору м-н байланыштырат. Пржевальск, Чолпон-Ата ш-лары, Тамга кыштагы жайкысын Фрунзе, Алматы, Орто Азиядагы республикалардын борбор ш-лары, ошондой эле Ош, Жалал-Абад шаарлары менен аба жолу аркылуу катташат.

Маданий мекемелери. 1928-ж. областта 128 жалпы билим берүүчү мектеп иштөп, 1981-ж. алардын саны 177ге жетти. Мугалимдер 18, окуучулар 8 эсе көбөйдү.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1981)

Мектептер	177
андагы окуучулар, миң	90,4
Атайын орто окуу жайлары	4
андагы окуучулар, миң	3,1
Китепканалар	256
Клуб мекемелери	166
Киноустановкалар	175

Саламаттык сактоосу (1981)

Бардык адистиктеги врачтар	1008
Ооруканалар	34
Ооруканалардагы орундар	3905

Пржевальскиде педагогика ин-ту, медицина ж-а педагогика окуу жайлары, Ысык-Көл совхоз-техникуму, Фрунзе машина куруу техникумунун филиалы бар. Жыл сайын 500дөн ашык жогорку, 600дөй атайын орто билимдүү адистер даяр-

далат. Маданий-агартуу мекемелердин кеңири тармагы түзүлдү. Пржевальск ш-нда обл. кыргыз драма театры ачылган (1982). Край таануу ж-а орус саякатчысы Н. М. Пржевальскийдин музейлери бар. Обл. «Ысык-Кол правдасы» (кыргыз тилинде), «Иссык-Кульская правда» (орус тилинде) газеталары чыгат. Обл. «Ысык-Кол» радиостанциясы (кыргыз ж-а орус тилдеринде) иштейт. Фрунзеден телекорсоттоолорду алат. Ар бир 10 000 кишиге 25 врач, 107 орун (ооруканада) туура келет.

А. Исаев

НАРЫН ОБЛАСТЫ

Жалпы маалымат. Нарын области (1939—62-ж.—Тянь-Шань) 1970-ж. декабрда уюшулган. Борбору — Нарын ш. Областтын составында 6 админ. район (Кочкор, Жумгал, Ат-Башы, Тянь-Шань, Ак-Талаа, Тогуз-Торо), 1 шаар (Нарын), 2 ш. т. посёлка (Достук, Миң-Куш) бар. Респ-канын түштүгүндө, Ички Тянь-Шанда жайгашкан. Батышынан Талас, түш.-батышынан Ош (Фергана тоо тизмеги аркылуу), чыгышынан Ысык-Кол областтары, түндүгүнөн респ-кага караштуу Чүй, Ысык-Ата, Кант, Аламүдүн, Сокулук, Москва, Калинин р-ндору, түштүгүнөн Кытай м-н чектешет. Аянты 54,5 миң *км*² (Кыргызстандын аймагынын 1/4). Калкы 238,0 миң (1982).

Табияты. Рельефи. Нарын обл. — татаал рельефтүү тоолуу район. Область деңиз деңгээлинен 1500 *м*ден жогорку бийиктикте жатат. Аймагынын 70%ин кырка тоолор ээлейт. Алардын ирилери: Какшаал (СССР м-н Кытайдын мамл. чек арасында жатат), Ат-Башы, Нарын-Тоо, Жетим, Молдо-Тоо, Фергана, Суусамыр, Жумгал.

Кырка тоолордун басымдуу бийиктиги 3000—4000 *м*, эң бийик жери Какшаалдагы Дашков чокусу (5 982 *м*). Кырка тоолор чыгыштан кеңдик багытта салааланып таралат. Алардын арасында ороондор м-н ойдуңдар жайгашкан. Эң ириси — Нарын ороону. Аны түштүктөн Байбиче, Нарын, түндүктөн Кабак, Жетим тоолору курчап жатат. Бул кырка тоолор чыгышта бири бирине жакындашып, Кичи ж-а Чоң-Нарындын кошулган жеринде биригишет, ал эми батышты карай Нарын ороону Алабуганын чатына чейин кеңейе берет. Байбиче-Тоо, Жаман-Тоо, Ак-Шыйрак, Ала-Мышык тоолорунун капталдары тик келип, капчыгайлары чолок, ал эми оң жээгиндеги Жетим-Тоо, Нура, Боор-Албас, Кабак, Молдо-Тоо, Соңкол тоолорунун беттери жантайыңкы, капчыгайлары узун. Молдо-Тоо батышта Кок-Ирим тоосунан Нарын д-нын капчыгайы м-н бөлүнөт. Нарын д. Кокомерен суусу м-н кошулуп, областтын чегинен Кетмен-Төбө ороонуна чыгат. Анча чоң эмес Ак-Шыйрак (Чаар-Таш) кырка тоосу Нарын ороонун экиге (Алабуга, Тогуз-Торо) болот. Ат-Башы ороонун түштүктөн Ат-Башы кырка тоосу, түндүктөн Нарын-Тоо м-н Байбиче-Тоо, батыштан Жаман-Тоо чектейт, Ат-Башы кырка тоосунан түштүктө Ак-Сай ороону ж-а Чатыр-Кол ондурү, батышта Арпа ороону жайгашкан. Областтын түндүгүндө Кара-Жорго, Соңкол, Кабак, Жумгал кырка тоолору ж-а Кыргыз Ала-Тоосу, Кызарт ашуусу м-н бөлүнгөн Жумгал ж-а Кочкор тоо аралык ороондору түш тарабынан Кыргыз, Талас Ала-Тоолору ж-а Суусамыр, Жумгал кырка тоолору м-н курчалган Суусамыр ороону (аянты 4,3 миң *км*², узундугу 155 *км*) жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 200 *м*ден жогору жаткан Суусамыр ороону Кыргызстандын эң ири жайкы жайыттарынын бири. Кырка тоолор негизинен метаморфизмделген, кристалланган, интрузия тоо тектеринен турат. Тоо капталдары терең капчыгайлуу, ороондору ж-а ойдуңдары суулар м-н тилмеленип, түзөң болүктөрү агынды тектердин калың катмары м-н капталган. Нарын ороонунда кокту-колоттуу доңсөөлөр көп кездешет.


Кен байлыктары. Областтын аймагы конго бай. Көмүрдүн ири кендери Жумгал р-ндагы Кабак көмүр бассейнинде топтолуп, анын геол. запасы 4,6 млрд т. Эки-Нарын суусунун башталышында жайгашкан Жетим-Тоо кени — О. Азиядагы темир рудалуу бирден бир бассейн. Сандык нефелиндүү сиенит кени, коргошун, цинк (Арсы, Ак-Таш-Коро, Кубакы, Ак-Кол) ж. б. кендери бар. Кочкор ороонунда областтагы эң ири таш туз кени жайгашкан. Түрдүү курулуш материалдарынын (чопо, кум, шагыл, майда шагыл, мрамор) кендери, ысык ж-а минералдуу булактары көп.

Климаты. Областтын климаты континенттик, кышы суук ж-а узакка созулат. Январдын орточо температурасы —15°С. Эң төмөнкү температура (—50°С) Ак-Сай ороонунда Чатыр-Колдун аймагында катталган. Жумгал ж-а Тогуз-Торо ороондорунда кыш 6, калган ороондордо 8 айга созулат. Ак-Сай, Арпа ороондорунда, Нарындын башында, Соңколдо кышы дайыма суук, жайы жылуу, бирок кыска. Нарын ж-а Жумгал ороондорунун батышында вегетациялык мезгил 5 айга созулуп, эң жогорку температурасы 34°Сге чейин жетет. Нарын, Жумгал, Кочкор ороондорунда, Ат-Башы ороонунун борб. бөлүгүндө июлдун орточо температурасы 15°Сге жакын. Суусамыр ороонунда жылдык орточо температура —2,5°С (январдыкы —22°С, июлдуку 13°С). Сутка ичинде температуранын кескин өзгөрүп турушу мүнөздүү, жай айларында да үшүк жүрүшү мүмкүн. Областтын калган аймактарында жайы мындан да салкын. Жылдык орточо жаан-чачынды түздүктөрдө 200—300 *мм*, тоолордо мындан арбыраак. Жаздын 2-, жайдын 1-жарымында жаан-чачын көп (жылдык жаан-чачындын 30дан 60%ке чейини) жаайт. Ороондордо жаанчачын батыштан чыгышты карай көбөйөт. Кардын калыңдыгы Суусамыр ороонунда 70 *см*, Нарын, Жумгал ороондорунда 15—20 *см*, Арпа ороонунда 50 *см*ге чейин; Кочкор ороонунда катуу шамалдын таасиринен кар көпкө жатпайт. Кар февралдын 2-, марттын 1-жарымында арбын түшөт. Областтын көчмөлүк аймактарында шамал батыштан согот.

Суулары. Нарын обл-нын суулары Сыр-Дарыянын, Тарим, Чүй сууларынын ж-а Чатыр-Колдун алаптарына кирет. Областтын (бүткүл Кыргызстандын да) эң ири дарыясы — Нарын. Ал Ысык-Кол обл-нын аймагындагы Ак-Шыйрак кырка тоосунда жайгашкан Петров мөңгүсүнүн этегиндеги көлдөн башталат. Жалпы узундугу 807 *км* (областтын аймагындагы узундугу 400 *км*ден ашык). Нарынга 600дөн ашык чоң ж-а кичине суулар куят. Алардын эң ирилери: Чоң ж-а Кичи-Нарын, Оң-Арча, Ат-Башы, Алабуга, Кок-Ирим, Кокомерен. Нарын д-нын орточо чыгымы 400 $м^3$/*сек*дан ашык, анын 1/4 Кокомеренди үлүшүнө таандык. Чүй



Нарын суусун бойлой кеткен автомобиль жолу.



суусу Жоон-Арык ж-а Кочкор сууларынын кошулушунан пайда болот. Ак-Сай суусу (Мүрдүрүм куймасы м-н бирге) Таримдин алабына кирет. Ак-Сай м-н Мүрдүрүмдүн кошулушунан Какшаал суусу пайда болуп, ал негизинен Кытайдын аймагы аркылуу агат. Чатыр-Көлдүн алабы анча чоң эмес. Областтын суулары негизинен кар-мөңгү сууларынан куралат. Респ-канын гидроэнергия ресурстарынын 1/3 областтын сууларына таандык. Нарын ж-а анын куймалары гана жылына 36 477 млн *квт·с* электр энергиясын бере алат. Ири көлдөрү: Соңкол, Чатыр-Кол. Соңкол тузсуз, 3016 *м* бийиктө жайгашкан, эң терең жери 15,1 *м*. Аянты жагынан (275 *км*²) Кыргызстанда 2-орунда (Ысык-Көлдөн кийин). Сентябрдын аягынан июндун аягына чейин муз кантайт. 1968-жылдан пелядь, сиг, чир балыктарын өстүрүү боюнча көп иштер жүргүзүлүүдө. Чатыр-Кол 3530 *м* бийиктө жайгашкан. Аянты 175 *км*², суусу туздуураак ж-а тайыз, кышында көл түбүнө чейин тоңот. Тоолордогу тоо карын тепшилерде мөңгүнүн аракетинен пайда болгон майда көлдөр да көп кездешет.

Мөңгүлөрү 4000 *м*ден ойдо жайгашкан. Жалпы аянты 500 *км*²ге жакын. Алардан областтын көптөгөн суулары башталат. Мөңгүлөрдүн көчүлүгү Какшаал кырка тоосунда жайгашкан. Алардын ирилери: Ак-Сай (Комаров, аянты 29,3 *км*², узундугу 10,7 *км*), Ак-Талаа (Наливкин, 19,5 *км*², 13,2 *км*), Орто-Таш (Мушкетов, 23 *км*², 13,3 *км*).

Топурагы ж-а өсүмдүктөрү. Областтын топурагы, өсүмдүктөрү ар түрдүү. Тоо капталдарында бийиктик алкактары 6-ча таралган. Тоолуу чөл ж-а жарым чөл алкагы Кочкор, Жумгал, Ат-Башы ороондорунун таманын, ал ороондордун тоо этектерин — Ак-Сай сууусунун жээгиндеги талааларды, Чатыр-Кол ондурүнүн түзөң болүктөрүн ээлейт. Мындагы боз топуракту жерлерде негизинен шыбак, айрым жерлерде бетеге, баялыш, эфемерлер, ксерофит өсүмдүгү өсөт. Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Кокомерен ж-а Алабуга сууларынын жайылмаларында бадалдуу токойлор кездешет. Суусамыр, Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Каракужур, Нарын, Соңкол ороондорундагы кыйла аянт тоолуу талаа алкагына кирет. Мындагы коңур ж-а ачык коңур топуракту жерлерди бетеге, түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак ж-а эфемерлүү тоолуу талаа ээлейт. Жайкы жайыт басымдуу, айрым жерлери кышкы жайыт катары да пайдаланылат. Жумгал, Кочкор, Нарын, Ат-Башы ороондорун курчаган тоолордун капталдары субальп алкагына кирет. Тоолуу шалбаа топуракта ар кыл чөптүү субальп шалбаасы өсүп, тоонун түн. капталдарында бадал ж-а карагайлуу токой кездешет. Областтын тоолорунун эң бийик болүктөрүн тегерете альп алкагы ээлейт. Мында тоолуу талаа топурагы таралган. Ар кыл кыска чөптүү альп шалбаасы ж-а бетегелүү талаа басымдуу. Областтын аймагынын 3%ин токой ж-а бадал ээлейт. Алар негизинен Тянь-Шань, Жумгал, Ат-Башы р-ндорунда таралып, ийне жалбырактуу (Ат-Башы, Кабак тоолорунун түн. капталдарында) ж-а бадалдуу (Нарын, Кокомерен, Алабуга, Ат-Башы сууларынын жээктеринде) токойлорго бөлүнөт.

Жаныбарлары. Областтын жаныбарлары ар түрдүү. Ороондордун талаа зонасы жайгашкан болүктөрүндө сары чычкан, түлкү, коён, ач күсөн, суулардын жайылмаларындагы токойлуу талаада доңуз, чүткөр, элик, суусар, сүлөөсүн, субальп ж-а альп алкактарында суур кездешет. Тоолордун бийик капталдарын тоо эчки, аркар, илбирс мекендейт. Альп алкагында, о. эле ийне жалбырактуу токойлордо күрөң аюу, марал (Чоң-Нарындын башталышында да сакталган) жашайт. Бардык жерде карышкыр кездешет. Областта капаттуулардын көп түрү бар. Жайылмалардагы токойлордо кыргоол, тоо этектеринде чил, кардын этегиндеги корум таштарда улар, тоо капталдарында кекилик, чил кездешет. Соңколдо ордок көп, коңур каз бар. Мөңгүдөн пайда болгон тайыз көлдөрдү ак-сар мекендейт. Тоонун аскалуу тик капталдарында бүркүт уялап, түйгун кыштайт. Жаныбарлар м-н өсүмдүктөрүнүн айрым түрлөрү жок болуп кетүү коркунучунда турат. Областта айбанаттардын, канаттуулар м-н балыктын бардык түрү коргоого алынган. Соңкол коругу, Нарын заказниги (Нарын ш-нын айланасында) түзүлдү. Топурак эрозиясына каршы иштер аткарылууда.

Калкы. Областтагы археологиялык табылгалар бул аймакта мындан 300 миңдей жыл илгери эле эл жашагандыгын күбөлөйт. Кошой-Коргон ж-а Шырдакбек шаар калдыгы (10—12-к.), Таш-Рабат (15-к.) ондогон тарыхый эстеликтер орто кылымдагы тургун жайлар ж-до баяндайт. Областта негизинен көчмөн элдер жа-

шаган. Кокон хандыгынын мезгилинде (19-к-дын башы) Кашкарга кеткен соода жолундагы Нарын кыштагынын ордунда анча чоң эмес чеп курулган. Кыргызстан Россиянын составына кошулгандан кийин Нарын орус аскер чебине айланган (1868). Кийин областта дагы

Калкынын саны ж-а жыштыгы (1982)

Калкынын саны, миң м-н	Анын ичинен		Бардык калкка карата % м-н		1 км² жердеги кишинин саны
	шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
238,0	43,5	194,5	18,2	81,8	4,3

3 кыштак — Казарман, Ат-Башы, Самсоновка (азыр Кочкор кыштагы) пайда болгон. Совет бийлигинин жылдарында мындагы элдин турмушу түп-тамырынан бери өзгөрдү. 1981-ж. Нарын обл-нда респ-канын калкынын 6,5% жашаган. Калкы негизинен жаңы тороолгондордун эсебинен (1000 адамга 31 киши) көбөйүүдө. Областтын калкынын 94% кыргыздар, калгандары орус, өзбек ж. б. Калкынын 82,1% а. ч-сында эмгектенет. Областтын калган аймактарына караганда Жумгал, Кочкор, Нарын ороондорүндө калк жыш отурукташкан. Негизинен автомобиль жолдору м-н сууларды бойлой жайгашкан. Алыскы жайыттарда малчылардын Ак-Сай, Чатыр-Таш, Терек, Каракужур, Жер-Кочку, Улахол, Сары-Булак сыяктуу кыштактар м-н маданий борборлор жацыдан пайда болууда. Кочкор ж-а Чаек кыштактарынын эли о. ж-да да иштешет. Шаар калкы областтын калкынын 17,9%ин түзөт; алар Нарын ш-нда, Достук, Миң-Куш ш. т. посёлкаларында жашайт. Областтын эң ири элдүү пункту — Нарын ш. 1913-ж. мында 1500 адам жашаган. 1927-ж. Нарын кантону (1939-жылдан Тянь-Шань обл.) уюшулгандан тартып шаарга айланган. 1970-жылдарда о. ж-луу Достук (Нарын шааратком уна карайт) ж-а Миң-Куш посёлкалары пайда болду.

Эл чарбасы. Нарын обл.— агрардык-индустриялуу регион. Анын үлүшүнө респ-кадагы жайыттардын $^1/_3$ түү ра келет. Мал чарбасы интенсивдүү жол м-н өнүгүүдө. Респ-кадагы кой м-н жылкынын $^1/_4$ ин областтын үлүшүнө туура келет. Кыргызстанда белгиленген жүн м-н этгин $^1/_3$ ин берет.

Өнөр жайы Совет бийлигинин түшунда пайда болду. Ө. ж. ишканалары областтын аймагында бирдей жайгашкан эмес, алар негизинен Нарын ш-нда, Чаек, Кочкор кыштактарында топтолгон. Ө. ж. өндүрүшү жерг. сырьёлор менен иштейт. Жерг. сырьёдон иштетүү м-н чектелет (Миң-Куштагы «Оргтехника» з-дунан башкасы). Электр-энергетика, курулуш материалдарын чыгаруу, куруу, жыгач, тамак-аш, жеңил о. ж-лары алдыңкы орунда. 70-жылдарда жерг. суулардын гидроэнергия ресурстарын өздөштүрүү башталган. Алгачкы прет жерг. маанидеги Кочкор, Кулапак, кийин Ат-Башы, Он-Арча ГЭСтери курулду. Областтын бардык райондору респ-канын бирдиктүү электр энергия системасына кошулуп, жерг. энергетиканын үлүшү азырынча анча чоң эмес. Нарында курулуш материалдар о. ж. өнүгүүдө. Кирпич з-ду иштейт, темир-бетон конструкциясы ж-а тетиктер чыгарылат. Нарын кийим тигүү ф-касы ж-а райондун борборлорунда бир нече үй тиричилик комбинаттары бар. Областын тамак-аш о. ж-лары негизинен эт м-н сүт продуктуларын чыгарат. Нарын ж-а Чаек кыштагында эт комбинаты, бардык райондордун борборлорунда сүт заводдору бар. Нарында ун комбинаты (элеватору м-н), айрым жерде пан з-ддору иштейт. Кочкор кыштагында пиво заводу, Нарында Чатыр-Кол минералдуу булагынын базасында минералдуу суунун бөтөлкого куюу цехи бар.

Өнөр жайы продукциясынын айрым түрлөрүн натуралай чыгаруу (1981)

Электр энергиясы, млн *квт·с*	175,1
Кирпич, млн даана	14,0
Тигилүү буюмдар, толук наркы б-ча, млн сом	4,7
Эт (I-категориядагы субпродуктулары м-н бирге), миң *т*	6,2
Колбаса, *т*	141
Мал майы, *т*	298
Ынак сүт продуктулары (сутко айландырганда), миң *т*	3,6
Нан, миң *т*	6,7
Пиво, миң *дал*	63
Аралаш тоют, миң *т*	46,1

Областын аймагында 2 токой чарбасы (Нарын, Чаек) уюшулган. Алар негизинен токойдун жаңы массивдерин отургузуп, областтын чарбалары үчүн жыгач материалдарын даярдайт. Областта о. ж. өндүрүшүнүн өсүү темпи жогорулоодо. 70-жылдарда о. ж. продукциясынын көлөмү 1940-жылдагыдан 30 эсе оскон.

Айыл чарбасы. Нарын обл. бийик тоолуу область болгону м-н жеринин 72% а. ч-па жарактуу: жайыт 2,6 млн *га*, айдоо 114 миң *га*, табигый чөп чабынды 33,5 миң *га*. Областтын чарбасы негизинен уяң ж-а чала уяң жүндүү койду ж-а эт багытындагы мүйүздүү бодо малды асыроого кеспилтенген. Областта 33 колхоз, 24 совхоз бар (1983). Чыктуу тоют өсүмдүктөрү чоң алпты эгилет.



Кыркын. «Соцкол» с-зу, Кочкор р-ну.

Нарын, Жумгал, Кочкор ж-а Ат-Башы ороондорүндө дыйканчылык да өнүгүп, негизинен малга тоют камдоого адистештирилген. Айдоо аянттарынын дээрлик бардыгы сугарылат. Дыйканчылыктын негизги тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү болгондуктан, кийинки жылдары 1940-жылга салыштырганда анын айдоо аянты 10 эседен ашык кеңейген. Анын көпчүлүгүн көп жылдык чанактуу өсүмдүктөр (беде, эспарцет) ээлейт. Беде областтын бүт райондорунда, эспарцет Ат-Башы ж-а Кочкор р-ндорунда өстүрүлөт. Бийик тоолуу райондордо (Каракужур, Ак-Сай, Орто-Сырт, Суусамыр) арпа, сулу айдалат. Тогуз-Торо ж-а Жумгал р-ндорунун анча чоң эмес аянттарын жүгөрү (силос үчүн) ээлейт. Жумгал, Кочкор, Тянь-Шань р-ндорунун айрым чарбаларында тоют үчүн кант кызылчасы өстүрүлөт. Дан өсүмдүктөрүнүн айдоо аянтынын 80%ин арпа ээлейт. Нарын ж-а Жумгал ороондорүндө буудай, Жумгал (батышында), Тогуз-Торо, Ак-Талаа р-ндорунда (айрым чарбаларында жүгөрү (дан үчүн), ороондуу жерлерде картошка м-н жашылча өстүрүлөт. Келечекте Нарын, Жумгал сууларынын томон жагында ж-а Кочкор ороонунун айрым жерлеринде жемиш багынын аянты кеңейтилмекчи. 70-жылдарда областтын а. ч-сын механикалаштырууда ж-а электрлештирүүдө чоң ийгиликтерге жетишилди. 1981-ж. колхоз-совхоздордо 2 миңден ашык трактор, 500дөй дан комбайны, 1300дөн ашык автомашина иштеген. Топуракты иштетүү, мелиорация иштери, өгөн жыйноо, тоют даярдоо толугу м-н механикалаштырылды. Органикалык ж-а химиялык жер семирткичтер кеңири колдонулууда.

Чарбалардын бардык категорияларындагы айдоо аянттары (миң *га* м-н, 1981)

Бардык айдоо аянты	145,6
Дан ж-а буурчак өсүмдүктөрү	64,7
Картошка	0,8
Жашылча	0,1
Тоют өсүмдүктөрү	80,0

Айыл чарбадан алынган акчалай кирешенин 95%ин

мал чарбасы берет. Областтын ар бир чарбасына орто эсеп м-н 48 миң кой, 1,8 миң мүйүздүү бодо мал ж-а 1,2 миң жылкы туура келет. Областтын тоют балансынын 70%ин жайыт түзөт (респ-кадагы жайыттын 30%). Анын көпчүлүгү жайкы жайыт катары пайдаланылат. Ири жайыттары: Арпа, Ак-Сай, Соцкол, Солтон-Сары, Суусамыр. Кышкы жайыттары негизинен Кочкор, Ак-Сай, Каракужур ороондорүндө, Орто-Сыртта, о. эле Нарын, Жумгал, Ат-Башы ороондорүнүн тоо этектеринде жайгашкан. Коомдук малды мындан ары да өнүктүрүү ж-а анын продуктуулугун жогорулатуу үчүн Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-ту тарабынан Нарында таяныч база уюшулган. Мында тоюттун жаңы түрүн чыгаруу б-ча иштер жүргүзүлөт. Тоют даярдоонун патыйжалуулугун жогорулатуу б-ча Нарын, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Суусамыр машина-мал чарба станцияларын иштейт. Ак-Сай, Каракужур ороондорүнүн айрым жерлеринде ж-а Орто-Сырт, Беш-Бельчир, Оорук-Там жайыттарында жаңы жерлер өздөштүрүлүүдө. Мал чарбасынын алдыңкы тармагы — кой чарбасы. Ал бүткүл мал чарбасынан алынган акчалай кирешенин 65%ин берет. Улуу Ата Мек. согушка чейин областта негизинен эчки асыралган, кийин кыргыз уяң жүндүү коюн багылууда. 70-жылдарда болсо эчки жалпы малдын 1—2%ин гана түзүп калган. Областтын бардык чарбаларында кой багылат, ал эми 12 совхоз жалгыз гана кой чарбасына адистешкен. Тянь-Шань р-нунда койдун жаңы породасы — тянь-шань чала уяң жүндүү коюн багылат. Область өздүк паркы б-ча респ-кадагы эң арван жүн м-н этти мамлекетке берет. Үй асыроо да согуштан кийинки жылдарда башталып, ал негизинен эт багытында. Айрым чарбалар эт-сүт багытында үй асыроого адистештирилген. Областтын табигый шарттары топоз багууга (айрыкча Ат-Башы, Кочкор, Тянь-Шань р-ндорунда) ыңгайлуу. Мал чарбасынын байыртан берки адатка айланган тармагы — жылкы чарбасы. 60-жылдардан областтын бардык райондорунда муноз (дюета) эт м-н дарылыкка кымыз белендөө үчүн жылкы (кыргыз жаңы жылкы породасы) өстүрүлөт. Товардык жылкы этин даярдоо — экономиканын келечектеги маанилүү тармагы. А. ч. техникасы колдонулбаган бийик тоолуу жерлерде жылкы күч унаа катары кеңири пайдаланылат. Областта малды бордоочу «Живпром» чарбалары да бар.

Транспорту. Областта автомобиль транспорту кеңири пайдаланылат. 19-к-дын аягында курулган Кочкор — Нарын жолу 30-жылдардын ортосуна чейин областтагы бирден бир жол болгон. Фрунзе — Торугарт автомобиль жолу курулгандан Нарын обл. Кыргызстандын бардык райондору ж-а респ-канын борбору м-н байланышты.



Долон ашуусундагы жол.

Бул жолдон областтын Кочкор — Чаек — Миң-Куш, Сары-Булак — Арчалы (Ысык-Көл обл-нда), Нарын — Казарман — Жалал-Абад ж-а Ат-Башы — Кыпда — Восток — Ак-Сай автомобиль жолдору тарап, алар крайдын экономикасында маанилүү роль ойнойт. Нарын обл. аба транспорту аркылуу Фрунзе, о. эле Ош ж-а Ысык-Көл областтарынын шаарлары ж. б. м-н байланышат.

Маданий мекемелери. Мурда туташ сабатсыз край Совет бийлиги жылдарында эл агартуу, саламаттык сактоо ж-а маданий жактан зор ийгиликтерге жетишти. Нарында педагогика ж-а медицина окуу жайлары, а. ч. техникуму иштейт. Райондордун борборлорундагы кесиптик-тех. окуу жайларында а. ч. механизаторлору даярдалат. Балдардын мектепке чейинки мекемелери көпчүлүк. Областта китеп фондусу 1 млнго жакын 171 китепкана бар. Талаа стандары м-н мал чарба фермаларында колхозчу м-н жумушчуларды кочмө китепканалар тейлейт. Районду 6, обл. 1 («Нарын правдасы») газета кыргыз тилинде чыгат. «Нарын» радио станциясы иштейт. 1966-ж. Нарын ш-нда музыкалуу драма театры ачылган. Райондук борборлордо ж-а Миң-Куш посёлкасында элдик театрлар бар. Калктуу ири пункттарда амбулатория, поликлиника, оорукана ж-а төрөт үйлөрү иштеп, анда түрдүү адистиктеги врачтар эмгектенет. Калктын ар бир 10 000 кишисине орто эсеп м-н 21 врач, 107 орун (ооруканада) туура келет.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1981)

Мектептер	136
Андагы окуучулар, миң	72,1
Атайын орто окуу жайлары	3
Андагы окуучулар, миң	1,3
Китепканалар	171
Клуб мекемелери	121
Киноустановкалар	106

Саламаттык сактоосу (1981)

Бардык адистиктеги врачтар	521
Ооруканалар	27
Ооруканалардагы орундар	2365

С. Орозалиев

ТАЛАС ОБЛАСТЫ


Жалпы маалымат. Область 1980-ж. 3-сентябрда уюшулган. Борбору — Талас ш. Анын составына Талас (борбору Иван Алексеевка кыштагы), Ленинполь (Ленинполь кыштагы), Киров (Киров кыштагы), Манас (Покровка кыштагы), Токтогул (Токтогул ш. т. посёлкасы), Чаткал (Каныш-Кыя кыштагы) р-ндору кирет. Областта 2 шаар (Талас, Кара-Көл), 4 ш. т. посёлка бар. Область респ-канын түн.-батыш бөлүгүн ээлеп, түн. ж-а түн.-чыгышынан Казак ССРи, батыш ж-а түш.-батышынан Өзбек ССРи, түштүгүнөн ж-а чыгышынан Ош, Нарын обл-тары м-н чектешет. Аянты 26 миң *км*² (Кыргызстандын аймагынын 13%). Калкы 266,7 миң (1982; Кыргызстандын калкынын 7%).

Табияты. Рельефи тоолуу ж-а өтө тилмеленген. Областтын аймагында Талас, Кетмен-Тобо ж-а Чаткал ороондору жайгашкан. Талас ороону Талас ж-а Куркуроо сууларынын алабынын жогорку агымдарын ээлейт, батыштан чыгышка 230 *км*ге созулат. Эң жазы жери 80 *км*. Жалпы аянты (тоо капталдары м-н) 11,5 миң *км*². Өрөөндү Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолору курчап турат. Ал тоолор чыгышта бири бирине жакындашып тоо тоомун түзөт. Талас ороонунун абсолюттук бийиктиги 650 *м*ден 4488 *м*ге чейин которулат. Төрт орографиялык районго бөлүнөт: түндүгүндө Кыргыз Ала-Тоосунун капталдары ж-а тармактары, батышында Эчкили-Тоо системасы, түштүгүндө ж-а чыгышында Талас Ала-Тоосунун капталдары ж-а тармактары, Талас ороонунун өзү. Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүнүн (ороондун аймагында) бийиктиги 3000 *м*дей, ороон жакты капталы тик капчыгайлар ж. б. м-н тилмеленген. Кырлары жазы, үболондү тектер м-н капталган; мында моцгу ж-а ири фирн талаалары кездешпейт. Аттуулары аркылуу Жамбыл обл-па (Казак ССРи) мал айдалат. Кыргыз Ала-Тоосунан батыштагы карай Эчкили-Тоо (бийиктиги 2500 *м*дей) болүнүп чыгат. Аны Талас суусу Чоң-Капка капчыгайы аркылуу кесип өтөт. Капчыгайдан батыш тарапта Эчкили-Тоонун уландысы—Ак-Таш тоосу жайгашкан. Талас Ала-Тоосунун бийиктиги 4488 *м*ге чейин (Манас чокусу). Капталдары өтө тилмеленип, тоо этегинде кенен тилкени пайда кылат. Жаныз түн-


зөң болуғу батыштан чығышты көздөй 100 *км*ден ашык аралыкка созулат. Мында тоо этегиндеги шлейф тилкеси, Талас суусунун сол жээгиндеги түздүк, Эчкили-Тоого түн.-батыш тараптан тутумдаш жайгашкан Талас-Аса эңкейиштүү түздүгү ж-а Талас суусунун тектирлүү жайылмасы жатат. Бул жерлерде ороондогу кыштактардын дээрлик бардыгы орун алган. Кетмен-Төбө ороону аянты жагынан (8,2 миң *км*²) Талас ороонунун кичине, абсолюттук бийиктиги 6-ча жогору. Өрөөн түндүгүнөн Талас Ала-Тоосу, Суусамыр, чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Кок-Ирим, түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Фергана, Ат-Ойнок тоолору м-н курчалган. Өрөөндү курчаган тоолорду Нарын д. эки жерден кууш, терең капчыгай аркылуу кесип өтөт. Өрөөндүн таманында Токтогул суу сактагычы жайгашкан. Чаткал ороонунун жалпы аянты 6 миң *км*²дей, ал 2000 *м* абсолюттук бийиктикте жатып, Өзбекстан м-н чектеш батыш жагында гана 1400 *м*ге чейин жапыздайт. Өрөөндү түндүгүнөн Талас Ала-Тоосу, түн.-батышынан ж-а батышынан Пскем, түш.-чыгышынан Чаткал (айрым чокуларынын деңиз деңгээлинен бийиктиги 4000 *м*ден ашык) кырка тоолору курчап турат. Областтын составына тоо аралык ороондордон башка Чаткал кырка тоосунун Фергана ороонуно караган түш.-чыгыш капталынын бир аз жери да кирет.

Кен байлыктары. Областта Сумсар полиметалл ж-а Терек-Сай сурьма (Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталында) кендери казылып алынат. Талас ороонундо Ачык-Таш күкүрт колчедан кени табылган. Аның потенциалдык запасы күкүрт кислотасын о. ж-лык өндүрүүгө татыктуу. Кетмен-Төбө ороонундө таш туз, областтын көчүлүк райондорунда курулуш материал кендери бар.

Климаты. Областтын тоолуу ороондорунун климаты негизинен континенттик, жаан-чачыны аз. Түздүктордо жайы ысык, кургакчыл, кышы мелүүн-суук. Областтын аймагына Кыргызстанда кездешүүчү жылуулук зоналардын дээрлик бардыгы (жайы эң ысык зонадан башкасы) мүнөздүү. Жайы ысык зонага (июлдун орточо температурасы 22°—25°С) Кетмен-Төбө ороонунун деңиз деңгээлинен 1000 *м* бийикке чейинки жерлери кирет. Мында жылдын жылуу мезгили 180 күндөн ашык. Жайы мелүүн-ысык зонага (20—22°С) Талас ороонунун түздүктөру ж-а областтын түштүгүндөгү жапыз адырлар тилкеси кирет, жылуу мезгили орто эсеп м-н 150—160 күн. Жайы жылуу зона (15—20°С) Чаткал ороонунун жапыз болуктөрүн камтыйт, жылуу мезгили 80—90 күн. Кетмен-Төбө, Чаткал ороон-



Чычкан капчыгайындагы ЛЭП-500.


ТАЛАС ОБЛАСТЫ
20 0 20 40 км
Кыргыз Ала-Тоосу
Суусамыр
Ферганатоосу
Кара-Бура
Кара-Кол
Кок-Таш
Кызыл-Жар
Сумсар
Терек-Сай
Кок-Сай
Маймак
Покровка
Талас
Чат базар
Кара-Буура
Кара-Суу
Токтогул
Ат-Ойнок
Суусамыр
Кара-Кыя
Кара-Коо
Жаңы-Жол
Кара-Ой
Кара-Булак
Кара-Ой
Кара-Кол
Кок-Таш
Шамалды-Сай
Майле-Сай
Ак-Таш
Ак-Суу
Ак-Терек
Ак-Буура
Ак-Сай
Ак-Ташский хр.
Ак-Ташский хр.
Кара-Кыя
Кара-Коо

ичинде бири бирине жакын жайгашкан 4 кыштакты (Октябрь рев-ясынан кийин алар бириктирилип, Ленинполь кыштагы аталган) негиздешкен. Кыргыздардын отурукташуусу Совет бийлиги жылдарында, негизинен

Калкынын саны ж-а жыштыгы (1982)

Калкынын саны, миң м-н	Анын ичинен		Бардык калкка карата % м-н		1 км² жердеги киши-нин саны
	шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
266,7	64,5	202,2	24,0	75,9	9

коллективдештирүү мезгилинде жүргөн. Калктын орточо жыштыгы 1 км² жерге 9 киши. Калкы областтын аймагында текши отурукташкан эмес: 1 км² жерге Талас ороонундо 15, Токтогул р-нунда 9, Чаткалда 2—3 киши туура келет. Талас ороонундо калктуу пункттардын көпчүлүгү Жамбыл — Талас автомобиль жолунун боюнда жайгашкан. Шаар калкы аз.

Областтын борбору — Талас ш. ороондун ортосунда, Талас суусунун сол жээгинде жайгашкан (Фрунзеден 370 км). Ал — областтын жеңил ж-а тамак-аш о. ж. борбору. Шаардан анча алыс эмес архитектуралык эстелик — Манастын күмбөзү бар. Кара-Кол мааниси б-ча областта 2-орунда, Кыргызстандагы шаарлардын эң жашы (1977-жылдан шаар). 1962-ж. Токтогул ГЭСин курууучулардын посёлкасы катары негизделген. Кетмен-Тобо ороонунде, Нарындын сол жээгинде жайгашкан. Кара-Кол — энергетиктердин ж-а Нарын д-ндагы Күрпсай ГЭСин курууучулардын шаары. Токтогул ш. т. посёлкасы (мурдагы аты Муз-Тор) өмөл жерде туулган кыргыздын демократ акыны Токтогул Сатылгановдун ысмынан аталган (1957). Чаткал р-нунда шахтёрлор м-н металлургдардын Сумсар, Терек-Сай, Киров р-нунда темир жолчулардын Маймак ш. т. посёлкалары жайгашкан.

Эл чарбасы. Область — Кыргыз ССР эл чарба комплексинин маанилүү болугу. Ө. ж. тармактарынан энергетиканын мааниси чоң. Нарын д-нын гидроэнергия ресурстарын пайдалануунун негизинде область респ-када алынган электр энергиясынын 41%ин берет (1980). Тамак-аш, жеңил, курулуш материалдар ж-а түстүү металлургия о. ж-лары өнүккөн. Транспортунун жетиштүү өнүкпөгөндүгүнө ж-а шаарларынын респ-канын өнүккөн райондорунан алыстыгына байланыштуу областтын үлүшүнө Кыргызстанда чыгарылган о. ж. продукциясынын жалпы көлөмүнүн 2% (дүң продукциянын паркы б-ча) туура келет. Областтын а. ч-сы чоң роль ойнойт. Анын товардык маанидеги башкы тармактары: улуң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы уй чарбалары, тамеки ж-а дан өндүрүү.

Өнөр жайы. Ө. ж-нын алдыңкы ж-а келечекте дагы кеңири өнүгүүчү тармагы — гидроэнергетика. Нарын д-па респ-кадагы эң ири Токтогул ГЭСи (кубаттуулугу 1,2 млн *квт*) курулган. Андан Фрунзе ж-а Фергана

Өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн натуралай чыгаруу (1981)

Электр энергиясы, млн *квт·с*	5048
Кирпич, млн даана	19,2
Тигилүү буюмдар, толук паркы б-ча, миң сом	7,1
Булгаары бут кийим, миң жуп	1085
Мал майы, миң *т*	1,7
Майлуу сыр, *т*	672
Ынак сүт продуктулары (сүткө айландырылганда), миң *т*	8,4
Ун, миң *т*	17,3
Нан, миң *т*	10,4
Пиво, миң *дал*	170
Аралаш тоют, миң *т*	69,3

Таласта (Талас сүт з-ду Будённый, Ленинполь, Киров кыштактарындагы май-сыр чыгаруучу ишканаларды бириктирет) ж-а Токтогулда сүт, май з-ддору бар. Талас ун продуктулары комбинаты, нан з-ду (Талас, Кировж. б.), Талас пиво з-ду иштейт. Жеңил о. ж. Таластагы тигүү ж-а бут кийим ф-каларынан турат; шаарларында ж-а көпчүлүк райондордун борборлорунда үй тиричилик комбинаттары бар. Курулуш материалдар о. ж-нан Талас кирпич з-ду (Өзгөрүш кыштагында), Чаткал р-нунда түстүү металлургия ишкапалары бар.



Тамеки плантациясы.

Айыл чарбасы. Областта 17 к-з, 30 с-з бар (1983). А. ч-га жарактуу 1,5 млн *га* (обл-тын аймагынын 57%) жердин 1,3 млну жайыт (айдоо аянтынан 10 эсе чоң). Областка

Чарбалардын бардык категорияларындагы айдоо аянттары (миң *га* м-н, 1981)

Бардык айдоо аянты	140,8
Дан ж-а буурчак өсүмдүктөрү	68,7
Тамеки	3,4
Картошка	2,2
Жашылча	0,9
Тоют өсүмдүктөрү	64,9

респ-кадагы жайыттын 15%, айдоо жердин 10,5% туура келет. Ал ч-сынын башкы тармагы — мал чарбасы. Уяң жүндүү кой ж-а эт-сүт багытындагы мал чарбасы басымдуу. Дыйканчылык маанилүү роль ойнойт, ал айрыкча Талас ороонундө өнүккөн.

Областтын бардык айдоо аянтынын 95%ин дан (анын 49%) ж-а тоют (46%) өсүмдүктөрү, 2,5%ин тамеки ээлейт. Айдоо аянтынын 82% Талас ороонундо. Мында тамеки ж-а жемиш багынын бардык, жашылча м-н картошканын көпчүлүк аянты жайгашкан. Чаткал р-нунда (айдоо аянты 9,9 миң *га*) дан (6,1 миң *га*), тоют (3,7 миң *га*) өсүмдүктөрү ж-а картошка өстүрүлөт.

Мал чарбасы областтын бардык райондорунда өнүккөн. Респ-канын чарбаларындагы кой-эчкинин 14%, уйдун 10,6%, жылкынын 13% областтын үлүшүнө туура келет. Талас ороону м-н Токтогул р-нунун айрым чарбалары бакма куштарды асырайт. Та-



Чаткал р-нундагы «Чаткал» с-зунда койду ветеринариялык кароодон өткөрүү.

лас ороонундогу айрым чарбаларда чочко багылат. 1970-жылдарда атайын аары чарбалары түзүлгөн. Областта мамлекетке сатылган эттин 28%, жүндүн 23%, сүттүн 16%, жумуртканын 19% Токтогул р-нунун, эт м-н жүндүн 5% Чаткал р-нунун үлүшүнө туура келет. Калган бардык продукцияны Талас ороонундогу райондор берет.

Транспорту. Областтын транспорту өнүгүүдө. Рельефинин тоолуу болушунан т. ж. катнашы жокко эсе. Киров р-нунун Казакстан м-н чектеш батыш бөлүгүндөгү 17 км аралыкта Алматы т. ж. өтөт. Мында Маймак т. ж. станциясы жайгашкан. Ал Жамбыл станциясы м-н бирдикте Талас ороонундогу райондорду тейлейт. Автомобиль транспорту маанилүү. Талас ороонунде Маймак — Грозный — Киров, Жамбыл — Покровка — Иван Алексеевка — Талас автомобиль жолдору курулган. Жамбыл — Киров — Талас автомобиль жолунун мааниси чоң, ал Суусамыр ороонуно чейин жеткирилген (Фрунзе — Ош автомобиль жолуна кошулат). Фрунзе — Ош автомобиль жолу областтын аймагында бүткүл Кетмен-Тобо ороонун кесип, райондун борбору — Токтогул посёлкасы ж-а Кара-Кол ш. аркылуу өтөт. Автомобиль жолдорун куруу ж-а аларды жакшыртуу — областтын маанилүү экон. проблемаларынын бири. Аба транспорту өнүктү. Талас ш. аба жолу аркылуу Фрунзе, Жалал-Абад, Токтогул, Киров м-н байланышат.

Маданий мекемелери. 1980—81-окуу жылында 138 жалпы билим берүүчү мектепте 70 миң окуучу окуган. Китепкана ж-а клуб мекемелеринин кеңири тармагы түзүлдү, саламаттык сактоо өнүктү; 10 000 кишиге 15 врач ж-а 94 орун (ооруканада) туура келет.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1981)

Мектептер	138
андагы окуучулар, миң	70,4
Атайын орто окуу жайлары	1
андагы окуучулар, миң	0,8
Китепканалар	177
Клуб мекемелери	106
Киноустановкалар	93

Саламаттык сактоосу (1981)

Бардык адистиктеги врачтар	498
Ооруканалар	24
Ооруканалардагы орундар	2580


1981-жылдан обл. «Ленин туусу» (кыргыз тилинде) ж-а «Ленинское знамя» (орус тилинде) газеталары чыгат. Областтык «Талас» радиостанциясы иштейт.

М. М. Картаев

РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР (РКР)

Жалпы маалымат. Кыргыз ССРинде респ-кага караштуу 9 админ. район [Аламүдүн (борбору — Аламүдүн кыш.), Ысык-Ата (Ивановка ш. т. посёлкасы), Калинин (Кара-Балта ш.), Кант (Кант ш. т. посёлкасы), Кемин (Быстровка ш. т. посёлкасы), Москва (Беловодский кыш.), Панфилов (Кайыңды ш. т. посёлкасы), Сокулук (Сокулук кыш.), Чүй (Чүй кыш.)] бар. 1939—59-ж. алар Фрунзе обл-нын составына кирген (обл. 1959-ж. жоюлган). Райондордун жалпы аянты 15,3 миң км², бул респ-канын аймагынын 8%ин түзөт. Мында Фрунзе ш-нан башка дагы 2 шаар — Токмок, Кара-Балта ж-а 9 ш. т. посёлка жайгашкан. РКР түндүгү м-н батышынан Казакстан, түш.-батышынан Талас, түштүгүнөн Нарын, чыгышынан Ысык-Көл обл-тары м-н чектешет. Калкы 732,7 миң (1982) же респ-канын калкынын 20%.

Табияты. Рельефи. РКРдин аймагына респ-канын түндүгүндөгү Чүй ж-а тоо аралык Чоң-Кемин ороондору, о. эле аларды курчап турган Кыргыз, Илеке, Күнгөй Ала-Тоолорунун капталдары кирет. Рельефи тилмеленген, абсолюттук бийиктиги 550—4850 м. Чүй ороонунун батыш ж-а ортоңку бөлүктөрү дээрлик тегиз түздүк. Кыргыз Ала-Тоосунун этегине жакын жагы ж-а Кыргыз, Илеке Ала-Тоолоруна такалган чыгыш бөлүгү бир аз жантайыңкы. Кыргызстандын составына негизинен Чүй суусунун 550—1300 м бийиктикте жайгашкан түзөңдүү сол тарабы кирет (аянты 7 миң км² дей). Өрөөн негизинен түп.-батыш тарапка жантайыңкы ж-а айрым жерлери адыр-күдүрлүү (жалча, коктуколот, жар, суу ороондору). Өрөөндүн Кыргыз Ала-Тоосунун этегиндеги түш. чет-жакаларында көптөгөн бусунун этегиндеги түш. чет-жакаларында көптөгөн бусулар (кара суулар) кездешет. Кара суу чыккан тилкеден жогору тоо этегиндеги шлейф тилкеси (туурасы 5—15 км) жайгашкан. Ал тилке түн. тарапты карай жантайыңкы (1 кмге 10—30 м). Тоо этегиндеги зонада өтөк тоолор кеңири (айрыкча Фрунзе ш-нан түштүктө) таралган. Алардын биринчи тизмеги Ала-Арча, Аламүдүн ж-а Норус сууларынын ороондору м-н тилмеленип, айрым доңсоолорду — Бөш-Күңгөй (бийиктиги 1150 м), Шоро-Баштат (1750 м) ж. б-ды пайда кылат. Андан түштүгүроок жакта өтөк тоолордун бийигирээк 2-тизмеги жайгашкан. Аларды узатасынан созулган Байтик ороону (узундугу 30 км, туурасы 3—6 км) бөлүп турат. Андан түштүктө капчыгайлар м-н өтө тилмеленген орто бийиктиктеги тоо тилкеси орун алган. 3500 м бийиктиктен жогору көп жылдык кар, аска, моңгулуу алкак басталат. Кырка тоонун эң бийик жери (Батыш Аламүдүн чокусу, 4855 м) Ала-Арча ж-а Аламүдүн сууларынын башталышында жайгашкан. Чүй д-нын оң тарабындагы, Быстровка ш. т. посёлкадан чыгыштагы чакан түздүк (Кичи-Кемин ороону) Иле Ала-Тоосунун этегиндеги шлейф тилкеси м-н Чүй ж-а Кичи-Кемин сууларынын шилендилеринен турат. Чыгышта Чоң-Кемин ороону 1340 м ден (Чоң-Кемин суусунун чатына жакын жерде) 4000 мге чейинки бийиктикте Иле ж-а Күңгөй Ала-Тоолорунун (бийиктиктери 4500—5000 м) аралыгында жайгашкан. Ал тоолор чыгышта бири бирине




Ала-Арча ороону.

жакындашып, Кемин-Челек тоо тоомун пайда кылат. Батышта алар адегенде бири бирине жарыш созулуп, кийин ороон кеңейет, Кок-Мойнок тоо тармагынан томон жакта кайрадан кууштайт. Кууш капчыгайдын чыгышында ороон таманы дээрлик тегиз, айрым жерлери саздак чакан чуңкурдукту (узундугу 15 км, туурасы 6 км) пайда кылат. Ороондун жогорку бөлүгүнүн таманы эрозиялык процесстерге анча дуушарланбаган, добо-дөңсөөлөрү аз, сыртка окшош. Мында Кок-Ойрок жайлоосу бар.

Кен байлыктары. Чүй ороонунун чыгыш бөлүгүндөгү тоолордо Ак-Түз, Борду полиметалл кендери, Кыргыз Ала-Тоосунун этектеринде таш тузу ж-а гипс табылган. Түрдүү курулуш материалдардын (акиташ теги, мергель, гранит, мрамор, курулушка пайдаланылуучу чопо, кум ж. б.) көптөгөн кендери кездешет.


Климаты — это ар түрдүүлүү м-н айырмаланат. Чүй ороонунун түзөң бөлүгүнүн климаты континенттик ж-а кургак, жайы ысык, кышы мелүүн-суук. Жазы кыска, марттын аягынан аба ырайы жылуу боло баштайт, бирок майга чейин үшүктүн жүрүшү байкалат. Майдын аягында жай башталат. Бул мезгилде аба ырайы негизинен туруктуу, шамалсыз. Июлдун орточо температурасы 22—25°С. Батыштан келген циклон Чүй ороонунда катуу, бирок кыска мөөнөттөгү шамалды пайда кылат.



Жайкы күндүн аптабы тоодон соккон жерг. тоо-ороон шамалы алып келген түнкү салкын м-н алмашылат. Күз мезгили кургакчыл, жылуу, 1-үшүк эрте (сентябрда) башталат. Бирок көпчүлүк учурда ал үшүктон кийин да аба ырайы көпкө дейре жылуу болуп, андан кийин тез эле кыш түшөт. Жылдын жылуу мезгили Чүй ороонүндө орто эсеп м-н 170 күнгө созулат. Январдын орточо температурасы —7°С. Кар декабрда түшүп, мартта кетет, 75—90 күн жатат. Кышкысын кээде жылуу болуп, кар дээрлик эрип кетет. Чүй ороонүндө жылдык орточо жаан-чачын — 270—400 *мм*. Жаан-чачындын болжол м-н 40% жаз мезгилине туура келет. Бийикте жайгашкан тоо аралык ороондордун климаты суутураак. Чоң-Кемин ороонүнүн түзөң бөлүгүндө январдын орточо температурасы —10°С, июлдуку 17°С. Жылуу мезгили 114 күнгө созулат. Жылдык орточо жаан-чачыны 400 *мм*дей. Түздүктөгүго караганда тоо этектеринде кышы жумшагыраак келип, жайы салкын. Тоолордо бийиктеген сайын абанын температурасы томондоп, жылдык жаан-чачыны арбыйт. Айрыкча тоолордун түн. ж-а батыш айдарым капталдарында жаан-чачындын көп жаашы Кыргыз ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунун кыр зоналарында көптөгөн моцгүнүн пайда болушуна алып келген. Чоң-Кемин суусунун башында моцгүнүн ири чордону жайгашкан.

Суулары. РКРдин суулары Чүй д-нын алабына кирет. Чүй — О. Азиядагы ири дарыялардын бири. Узундугу 1030 *км* (Кыргызстандагы узундугу 221 *км*). Кочкор ороонүндө Кочкор ж-а Жоон-Арык сууларынын кошулушунан пайда болот. Ал Ысык-Көл ороонун карай агып, Орто-Токой суу сактагычы, андан кийин колдун батыш жээгинен батышка бурулуп, Боом капчыгайы аркылуу агат. Капчыгайдан чыга беришинде оң тараптан оң ири Чоң-Кемин (узундугу 110 *км*) суусу кошулат. Коп жылдык орточо чыгымы (Чоң-Кемин суусу куйгандан томонүрөөк жерде) 53 $м^3/сек$. Андан кийин Чүйдүн дагы бир оң куймасы Кичи-Кемин (узундугу 80 *км*) суусу кошулат. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан көптөгөн суулар (Кегети, Ысык-Ата, Аламүдүн, Ала-Арча, Сокулук, Ак-Суу, Кара-Балта ж. б.) Чүй ороонүнө агып түшөт. Алар толугу м-н сугатка пайдаланғандыктан Чүй суусуна агып жетпейт. Чүй, Чоң-Кемин ж. б. тоо суулары негизинен кар ж-а моцгу сууларынан куралат. РКРдин аймагында ири көлдөр жок. Кыргыз Ала-Тоосунун капталдарындагы капчыгайларда моцгүнүн аракетинен ж-а агын суунун пугун кочку богон калышынан пайда болгон чакан көлдөр кездешет. Түздүктөрдө, суулардын жайылмаларында калдык көлмөлөр, көкту-көлөттөрдө, суу пуктарында жасалма көлмөлөр көп. Ал көлмөлөр о. ж. ишканаларын суу м-н камсыз кылууга, балык ж-а сууда сүзүүчү канаттууларды өстүрүүгө, айрым учурда сугатка пайдаланылат. Чүй ороонүндө ирригациялык курулуштар көп. Боролдой ж-а Кызыл-Суу каналдары, Чомүч плотинасы (суу сактагычы м-н), Ат-Башы каналы (Чомүч плотинасынан башталат) курулган. Чоң Чүй каналы (ЧЧК) м-н Орто-Токой суу сактагычы Чүй ороонун суу м-н камсыз кылат. ЧЧК 2 каналдан турат: Батыш ЧЧКнын узундугу Кең-Булуң кыштагынан Мерке станциясына (Казак ССРи) чейин 175 *км*. Чыгыш ЧЧК (100 *км*) Токмоктун чыгышынан башталып, Ала-Арча суусуна кошулат. Батыш ЧЧК м-н Ат-Башы каналынын аралыгында Томонку Ала-Арча суу сактагычы курулган. Андан узундугу 25 *км* Совхоз каналы (же Түн. ЧЧК) башталат, Түш. ЧЧКнын курулушу аяктоодо. РКР минералдуу ж-а ысык булактарга бай. Ысык-Ата капчыгайында ири курорт жайгашкан, Ак-Суу капчыгайындагы минералдуу суу кецири белгилүү.

Топурагы ж-а өсүмдүктөрү. Тянь-Шань тоолорунда топурак м-н өсүмдүктөр бийиктик алкактуулук законуна ылайык таралган. Томонтон жогору карай жарым чөл-кургак талаа, токой-шалбаалуу талаа, субальп, альп ж-а гляциалдык-нивалдык алкактарга болүнөт. Жарым чөл-кургак талаа алкагы Чүй ж-а Чоң-Кемин ороондорүнүн түзөң бөлүгүн ж-а тоо этегиндеги шлейф тилкесин камтыйт. Мында түн. боз ж-а ачык коцур топурагы басымдуу. Табигый өсүмдүктөрү анча чоң эмес аянттарында гана сакталган. Шыбак-эфемерлүү жарым чөл, шыбак-дан өсүмдүктүү, бетеге-шыбактуу талаа, саздуу шалбаа, камыш ж-а бадалдуу (чычырканак, борү карагат, ит мурун) жерлер кездешет. Талаа ж-а токой-шалбаалуу талаа алкагы тоо этектерин, жапыз ж-а орто бийиктиктеги капталдардын көп бөлүгүн ээлейт. Коцур күрөц, кара ж-а каралжын, күрөц, шалбаа ж. б. топурактары кездешет. Тоо этектеринде негизинен бетегелүү (ар кыл чөп, дан өсүмдүктөрү көшө өсөт) ж-а түктүү буудайык-ар кыл чөптүү талаа, андан жогору шалбаалуу талаа ж-а бийик тоо шалбаасы таралган. Күностүү капталдарда адатта талаа өсүмдүктөрү, колоколүү беттерде шалбаа, бадал ж-а сейрек токой басымдуу. Тоо капталдарынын түн. экспозицияларында бадал (ит мурун, табылгы, борү карагат ж. б.) 1200 *м* бийиктиктен жогору өсөт. Бир аз аянтты токой ээлейт. Кыргыз Ала-Тоосундагы капчыгайларда карагай, арча, кайың, сарак, четинден турган сейрек токой кездешет. Карагай токою Чоң-Кемин ороонүндө кыйла аянтты ээлейт. Бийик тоолордо субальп, альп алкактары ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафт жайгашкан. Субальп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа түн. капталдарда болжол м-н 2400 *м* бийиктиктен баштап кездешет. Анда дан өсүмдүктөрү, ар кыл чөп өсөт; өсүмдүктөрүнүн ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Альп шалбаасы, шалбаалуу талаа ж-а талаа негизинен Кыргыз ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунун түн. капталдарында 2800 *м* бийиктиктен жогору жайгашкан. Альп шалбаасы (доцуз сырты, ар кыл чөп, ырац өсөт) чөбүнүн кыскалыгы



Кайыңды суусунун жээгиндеги кырка токой.

ж-а калыңдыгы м-н айырмаланат. Альп талаасында бетеге басымдуу, бадалдардан кодоо четин, ит мурундун айрым түрлөрү, жапалак арча өсөт. Кар чеги болжол м-н 3600 *м* бийиктиктен өтөт. Кар чегинен жогору айрым өсүмдүктөрдүн жалгыздаган түптөрү моцгу м-н кардын чет-жакаларында гана кездешет. Мында гляциалдык-нивалдык алкактагы рельефтин жылацач морена, шагыл ж. б. формалары мүнөздүү.

Жаныбарлары. Жаныбарлары ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Чүй ороонүнүн эл көп жайгашкан түзөң бөлүктөрүндө жаныбарлар жылдан жылга азаюуда. Промыселдик мааниси бар жаныбарлар м-н канаттуулардан коён, суур, жапалык ордок кездешет. Жапайы канаттууларды көбөйтүүдө (айрыкча кыргоолду) Токмок мамл. кыргоол рассадниги нйгиликтүү иштоодо. Ал чарбада, о. эле саздуу куну да асыралууда. Чүй ороонүнүн сууларында ондатра, сазан, алабуга (көк чаар), чортон балык, жалын, көлмолордо карп, ак амур, дөң маңдай балыктар бар. Тоолордо жаныбарлар көп кездешет, бирок аңчылык үчүн мааниси аз. Айрым жаныбарлар — коён, түлкү, карышкыр тоо этегинен тартып кар чегине чейин жолугат. Токойлордо элик, кашкулак, чүткөр, бийик тоолуу талаа ж-а шалбаалардa суур, тоо эчки, аркар, кундуз кездешет. Промыселдик канаттуулардан улар, кекилик, бактек ж. б. бар. Ала-Арча суусунун капчыгайында Фрунзеден 30 *км* аралыкта Ала-Арча табигый паркы түзүлгөн. Ал табигый комплексти сактоо ж-а калыбына келтирүүгө арналган.

Калкы. Чүй ороонүндө 5—8-к-да эле дыйканчылык менен кесиптенген калк отурукташкан. Чыгызхандын жортуулунан кийин мында 14—19-к-да мал багуу м-н кесип кылышкан көчмөн уруулар жашаган. 19-к-дын башында Кокон хандыгы каратып алгандан кийин Чүй ороонүндө Пишпек, Токмок, Ак-Суу, Кара-Балта чептери курулган. Кокон хандыгы м-н Россиянын ортосундагы согушта (19-к-дын 60-жылдары) кокон чептери талкаланып, Чүй, Чоң-Кемин ороондорүндөгү кыргыздар оз ыктыяры м-н Россиянын составына кошулган. Коп узабай эле орус-украин келгиндери келе баштаган. Чүй ороонүндө Токмок ш. (1867), Лебединовка (1867), Беловодский ж-а Ново-Троицкий (1868; азыр Сокулук кыш.), Старая-Покровка (1870) ж. б. кыштактар негизделген. 70-жылдардын аягы, 80-жылдардын башында Кытайдан качкан дунгандар (алар орус гражданлыгын алган) Чүй ороонүнө келип, Пишпекке жакын жерге (Дунган кыш.) ж-а анын батыш жагына (Александровка кыш.) ж. б. жерлерге отурукташкан. 1913-ж. кыргыздар Пишпек уездинин калкынын 70%ин түзгөн. Алардын отурукташкан жайы (Таш-Тобо м-н Чала-Казактан башка) болгон эмес, көчмөн турмушта жашаган. Кыргыздар Улуу Октябрь рев-ясынан кийин гана, негизинен а. ч-сын коллективдештирүү мезгилинде отурукташкан. Азыркы убакта райондордун калкы көп улуттуу (айрыкча шаарларда). Мында кыргыз, орус, украин, татар, казак, дунган, уйгур, немец ж. б. элдердин өкүлдөрү жашайт. 1980-жылга карай РКРдин калкы (Фрунзеден башка шаарларын коспогондо) 1939-жылдагыдан 2,3 эсе көбөйүп, 732,7 мицге жетти. Региондун аймагында калк тегиз отурукташкан эмес. Чоң-Кемин ороонүндөгү кыштактар, Чүй ороонүнүн кен чыккан жерлериндеги посёлкалар ж-а Ысык-Ата курортунан башка калктуу пункттардын дээрлик бардыгы түздүктөн (1400 *м* бийиктикке чейин) орун алган. Чүй ороонүнүн ортоңку бөлүгү аркылуу өткөн темир ж-а автомобиль жолдорун бойлой Кыргызстандын батыш чек арасынан (Казакстан м-н чектешкен жерден) Быстровкага чейин калк абдан жыш отурукташкан. Мында Фрунзе, Токмок, Кара-Балта ш-лары, бардык райондордун борборлору ж-а шаар тибиндеги посёлкалар (кен чыккан жерлердегилерден башкасы) жайгашкан. Чүй ороонүндө (Фрунзеден башка) калктын орточо жыштыгы 1 $км^2$ жерде 50дон ашык, Чоң-Кемин ороонүндө 3 киши. РКРдин калкынын 27% шаарларда (Фрунзенн коспогондо) жашайт. Токмок ш.— мааниси б-ча Чүй ороонүндөгү 2-шаар (Фрунзеден кийин). Ал Фрунзеден 60 *км* чыгыш тарапта жайгашкан. Мында 10—12-к-да караханилер м-н карлуктар мамлекетинин борбору Баласагун ш. болгон. 19-к-дын башында анын ордуна кокондуктар Токмок чебин курган, 1860-ж. Россиядан көчүп келгендер ал жерге Токмок кыштагын негиздешкен. 1867-ж. ал Жети-Суу обл-ндагы уезддин борбору болуп, шаарга айландырылган. 1878-ж. суу ташкынынан кыйрашына байланыштуу уезддин борбору Пишпекке көчүрүлгөн. Суу бат-бат ташкындан тургандыктан Токмокту калыбына келтирүү иштери өтө жай жүргүзүлгөн. Совет бийлиги жылдарында гана бекем дамба курулуп, суу ташкыны токтотулду. Октябрь рев-ясына чейин о. ж. болгон эмес, шаардын калкы дыйканчылык ж-а соода м-н кесиптенишкен. 1917-жылдан баштап, айрыкча 1938-ж. Токмок м-н Фрунзенин ортосунда т. ж. байланышы түзүлгөндөн кийин шаардын экон. мааниси осо баштады. 1980-жылга карай калкы 64,3 мицге жетти (1939-ж. 19,4 миц).

1975-ж. Чүй ороонүнүн батыш жагында Кара-Балта ш. (Кара-Балта, Көк-Тегирмен ш. т. посёлкалары ж-а Калинин кыштагынын бир бөлүгүнүн биригишинен) пайда болду. Чүй ороонүндөгү ш. т. посёлкалар (кен чык-

Калкынын саны ж-а жыштыгы (1982)


Калкынын саны, миц м-н	Анын ичинен		Бардык калкка карата % м-н		1 $км^2$ жерден кишинин саны
	шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
732,7	204,4	528,3	27,8	72,2	47

кан жердеги Ак-Түз, Борду ж-а Орловкадан башкасы) т. ж. станцияларына жакын жайгашкан (Быстровка, Ивановка, Кант, Кайыңды, Кызыл-Октябрь, Биринчи Май).

Эл чарбасы. Респ-канын калкынын 20%, о. ж.-өндүрүш персоналынын 22,9% ж-а о. ж. продукциясынын

жалпы коломүнүн 28,6% респ-канын карамагындагы райондор м-н шаарларга туура келет. Айыл чарба өндүрүшүнүн үлүшү жогору. Мында дыйканчылык м-н мал чарбасынын респ-кадагы бардык тармактары өнүгүп, кант кызылчасы м-н эфир майын берүүчү осумдуктун бардык алиты жайгашкан. Райондордун колхоз-совхоздору мамлекетке сатылган эгиндин 46%ин, жашылчанын 69%ин, жүзүмдүн 47%ин, момо-жемиштин 54%ин, жумуртканын 63%ин, сүттүн 47%ин берет.

Өнөр жайы. Региондун о. ж. жерг. ж-а сырттан алынып келинген сырьё м-н отундун базасында иштейт. Ө. ж. ишканалары Токмок, Кара-Балта ш-ларында, ш. т. посёлкалар м-н ири кыштактарда жайгашкан.



Кант р-нундагы кант з-дунун лимонад куюштуруу цехи.

Мында респ-кадагы кабель, шифер, терезе айнеги ж-а байпактын бардыгы чыгарылат. Энергия м-н кубаттуу Фрунзе ТЭЦи ж-а майда ГЭСтер — Батыш Чоң Чүй каналындагы Лебединовка ГЭСи, Аламүдүн ГЭС каскадлары (6), Быстровкага жакын жердеги Борду ГЭСи камсыз кылат. Ө. ж. тармактарынан машина куруу, курулуш материалдарын өндүрүү, жеңил ж-а тамак-аш, түстүү металлургия өнүккөн. Маанилүү тармагы — машина куруу ж-а металл иштетүү Быстровкадагы электр техникалык, Кызыл-Октябрдагы «Торгмаш», Токмоктогу автомобиль ремонттоо (2 завод), Кант, Ивановка, Аламүдүндөгү ремонт-механикалык, Төмөнкү Чүйдөгү металл буюмдарын чыгаруучу з-ддорунан турат. Курулуш материалдар о. ж. м-н түстүү металлургия жерг. сырьёнун негизинде иштейт. Кыргызстан тоо-металлургия комбинатынын ишканалары (Ак-Түзде, Бордуда) полиметалл рудаларын казып алып ылгайт. Токмокто жерг. гранит м-н мрамордон дубалдык ж-а беттеме такта чыгарылат. Ивановкада курулуш материалдар комбинаты, Жел-Арыкта аки таш з-ду, Кантта цемент-шифер комбинаты (жылына 1 млн тдай цемент чыгарат), Токмокто айнек з-ду бар. Жеңил о. ж. мал чарба продукциясын иштетет. Токмоктогу жүн ылгоо ф-касы Кыргыз камвол-нооту комбинатына (Фрунзеде), Токмок камвол-йрүү ф-касына сырьё берет. Сосновкада фетр буюмдарын жасоочу, Токмокто кийиз жасоочу, Жаңы-Жерде бут кийим ф-калары иштейт. Кийим тигүү (Орловка м-н Чалдыбарда) ж-а трикотаж (Аламүдүндө байпак, Васильевкада трикотаж ф-калары) ф-калары бар. Тамак-аш о. ж. ишканалары: Кайыңды, Ново-Троицк (Кызыл-Октябрда), Кант, Токмок кант з-ддору, Кара-Балтадагы «Агросахсвеклопром» бирикмеси. 1980-ж. 270,4 миң т шекер өндүрүлгөн. Токмок м-н Кайыңдыда эт, Токмокто сүт комбинаттары, Кара-Балта, Кайыңды, Ивановка, Старая Покровка, Беловодскийде май-сыр з-ддору бар. Токмокто респ-кадагы эң ири консерва өндүрүштүк бирикмеси, Кара-Балтада консерва з-ду, Токмок, Кара-Балта, Кант, Беловодскийде ун ж-а нан комбинаттары иштейт. Шарап о. ж-ы Чүй, «Ала-Тоо» ж. б. жүзүм совхоз-комбинаттарынан турат. Токмок, Кара-Балта, Беловодскийде пиво чыгарылат.

Өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн натуралай чыгаруу (1982)

Электр энергиясы, млн квт·с	333,9
Кабель буюмдары, миң т	16,9
Шифер, млн даана	99,8
Курама темир-бетон конструкциялары ж-а тетиктер, миң м³	146,4
Терезе айнеги, миң м²	9567
Байпактар, миң жуп	13,7
Трикотаж тыш кийим миң даана	2298
Эт (1-категориядагы субпродукт м-н бирге), миң т	5,0
Колбаса, миң т	3,6
Консервалар, млн шарттуу банка	73,2
Шекер, миң т	263,9

Айыл чарбасы. РКРде 45 колхоз, 73 совхоз, тажрыйба станциясы бар (1983). Аймагынын 67%ке жакыны а. ч-га жарактуу. Мында респ-канын айдоо алиты-нын 33% жайгашкан.


Айыл чарбасында дыйканчылык алдыңкы орунда (респ-канын айдоо алитынын 34%ин ээлейт). Башкы тармактары: дан чарбасы (даярдалган эгиндин 46%ин берет), тех. осумдуктор, жашылча, багбанчылык ж-а жүзүм өстүрүү. Мал чарбасы үчүн тоют даярдоо маанилүү орунда. Респ-кадагы тоют осумдуктөрүнүн (чоп, силос үчүн жүгөрү ж-а жашыл тоют) алитынын 1/3 РКРде. Чүй ж-а Чоң-Кемин өрөөндөрүн курчаган тоолордун капталдарындагы кепен жайыттардан башка дагы узак мөөнөтко пайдаланууга алынган жерлер (Казак ССРинин Жамбыл обл-ндагы Кеңеш-Ацыракай, Балкаштын бою) да пайдаланылат. Маанилүү техникалык осумдүк — кант кызылчасы. О. Азияда кант кызылчасы Чүй өрөөнүндө респ-кадагы алгачкы кант заводу курулгандан (1932, Кант ш. т. посёлкасында) тартып эгилет. Чүй өрөөнүндө анча чоң эмес аянтка (1,3 миң га) эфир майын берүүчү, осумдуктор — шалфей ж-а жалбыз өстүрүлүп, Кара-Балтадагы «Эфиронос» з-дунда иштетилет. Бардык райондордо, айрыкча Фрунзе ж-а Токмок ш-ларынын айланасында жашылча өстүрүү өнүккөн. Чүй өрөөнүндө респ-кадагы жашылчанын

Чарбалардын бардык категорияларындагы айдоо аянттары (миң га м-н, 1981)

Бардык айдоо аянты	440,8
Дан осумдуктөрү	226,4
Кант кызылчасы	29,0
Картошка	6,7
Жашылча-жеминш	9,7
Тоют осумдуктөрү	151,3



Аламүдүн р-нундагы В. И. Ленин атн. жүзүм совхоз-комбинатында жүзүм жыйноо.



Аламүдүн р-нундагы В. И. Ленин атн. к-здун сүт комплексинин саан залы.

69% даярдалат. Адистештирилген чарбалардан «Пригородный», Фрунзе жашылча-жеминш, «Майский», «Ала-Тоо», Киров атн., Чүй жашылча-жеминш, Димитров атн. с-здор бар. Жашылча өстүрүүгө адистештирилген чарбаларда бакча осумдуктору да эгилет: респ-када жыйналган дарбыз м-н коондун 63%ин Чүй өрөөнүнүн чарбалары берет. Мамлекетке сатылган картошканын 23% РКРге туура келет. Кемин р-нундагы «Чоң-Кемин» с-зу, Аламүдүн р-нундагы «Таш-Мойнок», «Ысык-Ата» с-здору картошка өстүрүшөт. Багбанчылык ж-а жүзүмчүлүк өнүккөн. Алма, чие, алча, алмурут, кайпалы, өрүк, шабдалы кеңири таралган. Багбанчылык айрыкча о. ж-лык маанеге ээ болгон жерлерде жакшы өнүккөн. Респ-када жыйналган жүзүмдүн 47%тин Чүй өрөөнү берет.

РКРдин мал чарбасынын ичинен кой чарбасы өнүккөн (респ-кадагы койдун 15%). Койдун уяң жүндүү жаңы кыргыз породасы асыралат. Чүй өрөөнүндөгү көчүлүк колхоздордун чарбасынын негизги тармагы — кой чарбасы. Уйдун (респ-кадагы уйдун 38%) негизинен жогорку кунардуу ала-тоо породасы багылат. 1979-ж. ар бир уйдан орто эсеп м-н 2,9 т сүт саап алынган (респ-ка б-ча орто эсеп м-н 2,6 т сүт саалат). Респ-када саалган сүттүн 47% РКРге туура келет. Товардык чочко чарбасы өнүккөн (респ-кадагы чочконун 80%). Чочко багууга адистештирилген чарбалар (Ивановка чочко чарба совхозу ж. б.) бар. Канаттуулардын саны да өсүүдө (респ-кадагы канаттуулардын 53%). Аламүдүн бройлердик канаттуулар ф-касы, Ат-Башы канаттуулар з-ду, Сокулук, Фрунзе канаттуулар ф-калары иштейт.

Транспорту. Чүй өрөөнүндөгү бардык админ. райондор аркылуу Луговой — Фрунзе — Быстровка — Рыбачье т. ж. өтөт. Алматы т. ж-нун бул тармагы 1924-ж. Фрунзеге, 1942-ж. Быстровкага чейин жеткирилген. 1950-ж. Рыбачьеге чейинки участогу пайдалануага берилген. Эл чарбасында автомобиль транспортунун мааниси чоң. Автомобиль жолунун жыш тармагы курулуп, анын кыйласы асфальтталган. Чүй өрөөнүн Фрунзе — Рыбачье автомобиль жолу, Ошко (Кыргыз Ала-Тоосу ж-а Суусамыр өрөөнү аркылуу), Таласка (Жамбыл аркылуу) ж-а андан ары Ташкенге, о. эле Алматыга кетүүчү автомобиль жолдору кесип өтөт. Негизги автомобиль жолдорунан Чоң-Кемин өрөөнүнө, курортторго, колхоз-совхоздордун борборлоруна айрым жолдор болүнүп кетет. Бухара газ кенинен Жамбыл аркылуу Фрунзеге ж-а андан ары Алматыга газ жүргүч курулган. Фрунзеге жакын ири «Манас» аэропорту жайгашкан.

Маданий курулушу. Респ-кага караштуу райондор м-н шаарларда 283 жалпы билим берүүчү күндүзгү мектеп, 6 техникум, ж. б. атайын орто окуу жайлары (7,4 миң окуучу окуйт) бар. Токмокто а. ч-сын механикалаштыруу ж-а электрлештирүү техникуму, медициналык ж-а респ-калык маданий-агартуу о. ч. жайлары, Кара-Ба..ада тамак-аш о. ж. техникуму, медициналык окуу жайы, Кантка жакын жерде а. ч. техникуму иштейт.

Эл агартуу ж-а маданий мекемелери (1981)

Мектептер	283
андагы окуучулар, миң	134,4
Атайын орто окуу жайлар	6
андагы окуучулар, миң	7,5
Китепканалар	392
Клуб мекемелери	311
Киноустановкалар	326

Саламаттык сактоосу (1981)

Бардык адистиктеги врачтар	1423
Ооруканалар	53
Ооруканалардагы орундар	8360

Райондук газеталар чыгат, саламаттык сактоо өнүккөн. Ар бир 10 000 киши-ге орто эсеп м-н 17 врач, 112 оруң (ооруканада) туура келет.

М. М. Картавов

Ад.: Фрунзе шаары. Усубалиев Т. У., Фрунзе — Советтик Кыргызстандын борбору. Фр., 1973, 206 б.; Ячник Е. С., По городу Фрунзе. Путеводитель, Фр., 1976, 116 с.; Город Фрунзе — Фрунзе шаары, Фотоальбом, Фр., 1978, 285 с.; Курбатов В. В., Пинсарской Е. Г., Архитектура города Фрунзе, Фр., 1978, 108 с.; Экономическое и социальное развитие г. Фрунзе, Фр., 1978.

Ош области. Оторбаев К., Ошская область, Ош, 1961, 31 с.; Проблемы промышленного развития малых городов Киргизии, Фр., 1972, 149 с.; Чормонов Б. Ш., Темирбаев В., Город Джалал-Абад, Фр., 1973, 59 с.; Исаев А., Картавов М. М., Ош шаары, Фр., 1874, 76 б.; Самудинов К., Кызыл-Кыя шаары, Фр., 1977, 84 б.; Ибраев М., Галкин А. Р., Сулюкта — город шахтёров, Фр., 1975, 83 с.; Оровалиев С. О., Өзгөн шаары, Фр., 1976, 44 б.; Картавов М. М., Исаев А. И., Путешествие по Южной Киргизии, Фр., 1978, 46 с.; Ибраимов С., Ошская область Киргизстана, Фр., 1979; Кошоев Т. Х., Ош областынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн актуалдуу маселелери жөнүндө, «Эл агартуу», 1980, № 10, 11—15-б.

Ысык-Кол области. Акималиев Ж., Когултур Ысык-Кол, Фр., 1969, Турусбеков Б., Фомин В. М., Бикмухамбетова Н. Г., [и др.], Курорты приисыккулья, Фр., 1970, 102 с.; Гужин Г. С., Чормонов Б. Ш., Пржевальск шаары, Фр., 1971, 64 б.; Рыбачье шаары, Фр., 1977, 92 б.; Маркин В. А., Над голубым Иссык-Кулем, М., 173, 126 с.; Курманбаев К., Жети-Өгүз курорту, Фр., 1976, 36 б.; Рысалиева [ж. б.], «Когултур Ысык-Кол санаторийсы», Фр., 1977, 72 б.; Озеро Иссык-Куль, Фр., 1978, 208 с.; Прибрежная зона озеро Иссык-Куль, Фр., 1979, 142 с.; Шнитников А. В., Иссык-Куль. Природа, охрана и перспективы использования озера, Фр., 1979, 84 с.

Нарынская область. Чормонов Б. Ш., Гужин Г. С., Нарын шаары, Фр., 1973, 25 б.; Исраилов А., Размещение производительных сил в Нарынской области, Фр., 1978, 57 с.

Республикага караштуу райондор. Токтогонов Т., Ысык-Ата курорту, Фр., 1970, 26 б.; Чормонов Б. Ш., Токмок шаары, Фр., 1973, 32 б.; Исаев А., Картавов М. М., По Северному Тянь-Шаню, Фр., 1975, 82 с.; Актанова А. Т., Гужин Г. С., Кыргызстандын шаарлары, Фр., 1981, 47 б.

КООМДОР ЖАНА СОЮЗДАР



Кыргыз ССРинин китеп досторунун 2-съездинин президиуму. 1979.

Кыргыз ССРинде материалдык өндүрүш, коомдук-саясий, илимий, спорттук, маданий, өлкөнү коргоо жактарын ж. б. камтыган түрдүү коомдук уюмдар иштейт. Респ-канын коомдук уюмдары эл чарбасындагы илимий-техникалык прогресске активдүү таасир этип, эмгекчилердин рухий маданиятын, өз демилгелүүлүгүн ж-а саясий активдүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет. Коомдук уюм, союз ж-а коомдордун милдеттери: коомдун мүчөлөрүнө идеялык тарбия берүү ж-а квалификациясын жогорулатуу, алардын атайын билимин кеңейтүү ж-а тереңдетүү, эл чарбасынын түрдүү тармактарынын, илим м-н техниканын, адабият м-н иск-вонун жетишкендиктерин пропагандалоо. Коомдук уюмдарга айрым граждандар, о. эле мамлекеттик мекемелер да мүчө боло алат. Алардын иши демокр. башталышта түзүлөт: мүчөлүккө оз ыктыяры м-н өтүшү, жетекчи органдарынын шайланып турушу ж-а мезгил-мезгили м-н отчёт бериши ж. б. Коомдук уюмдардын иш-аракети — соц. мамлекеттин бара-бара коммунисттик коомдун озун өзү башкарууга өтүүсүндөгү маанилүү этап.

ИЛИМИЙ КООМДОР

Илимий коомдор — илимдин айрым тармактарынын өнүгүшүнө көмөктөшүүчү, коомдук-саясий, табигый, тех. илимдерди пропагандалоочу ыктыярдуу коомдук уюмдар. Илимий коомдордун иш-аракети эмгекчилердин кесипчилик деңгээлин ж-а саясий ац-сезимин жогорулатууга багытталып, бүткүл союздук коомдордун филиалдары ж-а өз алдынча уюм катары иштейт.

Кыргыз ССРинин география коому. 1947-ж. түзүлгөн (1964-жылга чейин СССР география коомунун Кыргыз филиалы); Борбордук уюмдан (Фрунзе ш-нда), Ош ж-а Ысык-Кол болумдөрүнөн турат. 1983-ж. 1-январда коомдун 858 мүчөсү болгон. Негизги милдеттери: география илимин пропагандалоо, туристтик ж-а край таануу иштерине көмөк көрсөтүү, маалымат берүүчү китепчелерди ж-а жол көрсөткүчтөрдү редакциялоо, географиялык маселелер б-ча консультация берүү, илимий докладдарды уюштуруу, географиянын методологиялык маселелерин талкуулоо ж. б. 1970—80-ж. коомдо 1193 илимий доклад ж-а билдирүү талкууланды, 16 конф-я откорулуп, съездер чакырылды (1-съезд — 1970-ж., 2-си 1975-ж., 3-сү 1980-ж.). Коом географиянын бардык маселелери б-ча экспертиза жүргүзүүнү уюштурат ж-а аларга жыйынтык чыгарып, сунуштарын берет, география илимин пропагандалайт, илимий эмгектерди, анын ичинде «География коомунун кабарларын» чыгарат (1959—80-ж. 14 жолу чыккан). Кыргыз ССРинин география коому респ-када комплекстүү картографиялоо, табиятты ж-а табигый комплекстерди көргоо б-ча маанилүү илимий, илимий-уюштуруу ж-а колдонмо мүнөздөгү иштерди турмушка ашыруунун демилгечиси болду. *С. Омурзаков*

Бүткүл союздук минералогия коомунун Кыргызстандагы бөлүмү. 1957-ж. уюшулган; негизги милдеттери: минералдардын озгочолуктөрүн, пайда болуу процесстерин, кен байлыктардын жер алдында жайгашуу закон ченемин изилдөө, минералдын жаңы түрлөрүн табуу, табигый байлыктарды туура пайдалануура, өтө баалуу минералдарды көргоого камкордук көрүү. Коомдун илимий иштердеги минералогия, петрология, геохимия, кристаллография ж. б. геологиялык илимдердин теориялык жаңы жетишкендиктерин, о. эле минералдык сырьёлорду изилдөөнүн натыйжалуу жаңы ыкмаларын практикада колдонууга өбөлгө түзөт. 1959-жылдан «Записки Киргизского отделения Всесоюзного минералогического общества» журналы чыгат. Коомдун мүчөлөрү геология-минералогия илимдеринин түрдүү тармактары б-ча окуу китептерди ж-а окуу-методикалык куралдарды талкуулоого, геология-минералогия илимдерин жайылтууга катышат. Советтик ж-а чет өлкөлүк коомдор, мекемелер м-н илимий байланыштар, илимий адабияттар м-н коллекцияларды ж. б. материалдарды алмашуу ишке ашырылат. 1983-ж. 1-январда коомдун 70 мүчөсү болгон. *И. К. Давлетов*

Бүткүл союздук астрономия-геодезия коомунун Кыргызстандагы бөлүмү. 1968-ж. түзүлгөн. Респ-канын астрономия, геодезия, картография б-ча адистерин бириктирет. Коомдун милдеттери: пл. из. иштерин уюштурууга, астрономия, геодезия ж-а картографиянын маанилүү маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүү. Ата мекендик илимдин тарыхын изилдөө ж-а жайылтуу, илимий иштердин натыйжаларын, ойлоп табууларды ж-а рационализатордук сунуштарды турмушка ашырууда коомдун мүчөлөрүнө жардам көрсөтүү, Бүткүл союздук астрономия-геодезия коомунун профили б-ча билим берүүнү ж-а илим м-н техниканын жаңы жетишкендиктерин жайылтуу ж-а пропагандалоо. Бүткүл союздук астрономия-геодезия коомунун кыргыз бөлүмү астрономия-геодезия ж-а окуу-методикалык 3 секциядан турат. Секциянын ишин бөлүмдүн совети координациялайт. Коомдун мүчөлөрү негизги метеордук агымдарга телескоп ж. б. аспапсыз, фотографиялык, радиолокациялык байкоолорду системалуу жүргүзүп, метеор издеринин кыймылын изилдөөдө бир катар маселелерди чечишкен. Ысык-Көл ороонундогу атмосфераның тазалыгы өлчөнүп, кеңири диапазондогу жыштыкта эсептелди. Астрономия илимининн жетишкендиктери калк арасында кеңири пропагандаланды. Бүткүл союздук астрономия-геодезия коомунун кыргыз бөлүмүнүн демилгеси б-ча респ-калык инженердик изилдоо ин-ту (Кыргыз ГИИЗ) ачылган. Суу сактагычтарда изилдөө жүргүзүлгөн. Жогорку окуу жайлары м-н техникумдарда геодезияны окутууга, инженердик геодезия б-ча жаңы лабораториялык эсептөө-графикалык иштерди чыгарууга дайыма методикалык жардам берилет. Дайыма иштөөчү семинар уюшулган. Анын милдети: топогеодезиялык иштер м-н инженердик изилдоолордо жаңы техника м-н алдыңкы ыкмаларды өздөштүрүү ж-а аны өндүрушко киргизүү. Астрономияны окутууда коом орто мектептин мугалимдерине методикалык жардам көрсөтөт. 1983-ж. 1-январда коомдун 80 аның мүчөсү ж-а 10 коллективдүү мүчөсү болгон. *И. Бийбосунов*

Бүткүл союздук топурак таануучулар коомунун Кыргызстандагы филиалы. 1956-ж. уюшулган. 1982-ж. 132 аның мүчөсү ж-а 6 коллективдүү мүчөсү болгон: Кыргызстан топурак таануу пл. из. ин-ту, «Кыргызгипрозем» долбоорлоо ин-ту, Мелиорация системаларын комплекстүү автоматташтыруу б-ча бүткүл союздук пл. из. ин-ту, Нарын зоналык агрохимия лабораториясы, Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-ту, К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-ту. Иштеги негизги багыттары: топурак тануу илимин онүктүрүүго катышуу, топурак ресурстарын пландуу ж-а аны патыйжалуу пайдаланууга максатында аларды изилдөөго ар тараптан комок көрсөтүү. Топурак тануу, агрохимия, мелиорация ж. б. тармактарда илимди жайылтуу ж-а пропагандалоо, коомдун мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатууга, алардын илимий иштерин, ойлоп табууларын, сунуштарын жарыялоого ж-а өндүрушко киргизүүгө жардам берүү, илимий докладдарды, диссертациялык иштерди талкуулоо үчүн илимий конф-яларды, кеңешмелерди откорүү ж. б. 1960-жылдан «Известия Киргизского филиала Всесоюзного общества почвоведов» чыгарылат. *А. П. Данилина*

Табият таануу жана техника тарыхчыларынын советтик улуттук биримдесинин Кыргызстандагы бөлүмү. 1966-ж. уюшулган, милдеттери: респ-када табият таануу м-н техниканын тарыхы б-ча иштеген илимий мекемелердин ж-а айрым адамдардын иштерин координациялоо; респ-калык ж-а респ-ка аралык коллоквиум, конф-я ж-а кеңешмелер откорулот, болумдүн мүчөлөрү Илимдин тарыхы ж-а философиясынын эл аралык союзунун, Илимдердин тарыхынын эл аралык академиясынын ишине катышат, «Международный архив истории наук» журналы, СССР ИАнын «Вопросы истории естествознания и техники» жыйнагы м-н кызматташ. 1980-ж. 1-январда коомдун 500 мүчөсү болгон. Математика, механика, физика ж-а астрономия тарыхы, биология ж-а химия тарыхы, техника, энергетика, электроника ж-а байланыш тарыхы, медицина ж-а саламаттык сактоо тарыхы, логика ж-а илимдердин методологиясынын тарыхы секциялары иштейт. *З. Бакасова*

Медициналык илимий коомдор. Медицина жагында эмгектенген окумуштууларды, практикалык ж-а илимий адистерди бириктирет. Бул коомдордун милдеттери: медицинанын теориялык ж-а практикалык маселелерин илимий жактан иштеп чыгуу, медицина илимининн жаңы жетишкендиктерин ишке киргизүү б-ча саламаттык сактоо органдарына илимий-методикалык жардам берүү, медицинанын жетишкендиктерин эл арасында пропагандалоо, илимий коомдордун мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу, алардын атайын билимин тереңдетүү ж-а идеялык тарбия берүү. Респ-канын коомдору тиешелүү Бүткүл союздук медициналык коомдордун филиалдары болуп эсептелет. Кыргыз ССРинде 35 респ-калык медициналык илимий коом бар.

Медициналык илимий коомдор

Коомдун аты	Уюшулган жылы	Мүчөлөрүнүн саны (1982-ж. 1-янв.)
Рентгенолог-радиологдор	1954	98
Травматолог-ортопеддер	1970	49
Терапевттер	1941	588
Эндокринологдор	1963	40
Кардиологдор	1965	119
Спорттук медицина ж-а айыктыруучу физкультура	1969	55
Балдар врачы-педиатрлар	1953	520
Медицина-техникалык	1975	185
Фармаколог ж-а токсикологдор	1976	34
Стоматологдор	1960	483
Физиотерапевт ж-а курортологдор	1965	252
Фтизиатрлар	1952	313
Онкологдор	1961	183
Врач-лаборанттар	1963	147
Невропатологдор, психиатрлар	1943	271
Инфекционисттер, эпидемиологдор	1973	157
Офтальмологдор	1942	142
Саламаттык сактоону ж-а медицинаны уюштуруучулар	1959	68
Хирургдар	1946	174
Анатом-гистологдор	1950	68
Дермато-венерологдор	1970	52
Гастроэнтерологдор	1967	50
Оториноларингологдор	1942	124
Сот медиктери	1958	58
Акушер-гинекологдор	1949	355
Физиологдор	1949	85
Патофизиологдор	1959	34
Гигиенисттер	1962	198
Урологдор	1964	66
Патоанатомдор	1950	31
Анестезиолог-реаниматологдор	1967	70
Гематолог ж-а трансфизиологдор	1967	73
Медициналык генетиктер	1979	15
Ревматологдор	1979	46
Иммунолог-аллергологдор	1979	80

Биологиялык илимий коомдор. Биология илимининн түрдүү тармактарында иштеген адистерди бириктирет, илимдин тиешелүү тармактары боюнча изилдоолорду координациялайт, эң алдыңкы илимий ж-а практикалык жетишкендиктерди пропагандалайт, өз мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатууга комок көрсөтөт. Кыргызстанда Бүткүл союздук биологиялык илимий коомдордун 5 филиалы бар.

Биологиялык илимий коомдор

Коомдун аты	Уюшулган жылы	Мүчөлөрүнүн саны (1983-ж. 1-янв.)
Ботаникалык	1962	80
Энтомологиялык	1953	55
Гельминтологиялык	1969	50
Генетик ж-а селекционерлер	1966	103
Биохимиялык	1960	80

Бүткүл союздук философия коомунун Кыргызстандагы бөлүмү. 1983-ж. составында 150дөй мүчөсү бар 10 башталкы уюму болгон. Үч секция иштейт: диалектикалык материализм проблемалары ж-а табият таануунун философиялык маселелери, тарыхый материализм ж-а илимий коммунизм проблемалары, эстетика ж-а искус-

ство таануу маселелери. 1972-ж. уюшулган. Милдеттери: маркстик-лениндик философия ж-а илимий коммунизм жагында илимий изилдоолорду онуктүрүүго ар тарапган комек көрсетүү, философияны окутуунун деңгээлин жогорулатуу, философиялык илимдин негиздерин кеңири пропагандалоо антикоммунизмге, антисоветизмге, онуккон социализмди куруу тажрыйбасын ар кандай бурмалоого, о. эле адамдардын ац-сезиминдеги отколдун калдыктарына каршы күрөшүү, респ-када коомдук илимдер б-ча илимий изилдоолорду координациялоо, борбордогу ж-а башка респ-калардагы илимий-коллективдер ж-а адистер м-н уюштуруучулук ж-а чыгармачылык байланышты чыңдоо, философия б-ча теориялык семинарларды уюштуруу ж. б. Турмуштун советтик образы, совет эли — элдердин тарыхый жаңы жалпылыгы, соц. ац-сезим, онуккон социализм маданияты ондуу актуалдуу маселелер, о. эле азыркы коомдук онугүүнүн башка маселелери да коомдун мүчолорунун көңүлүн борборунда турат. *М. Абдылдаев*

Бүткүл союздук психологдор коомунун Кыргызстандагы болуму. Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-тунда каралуу, 1968-ж. уюшулган. 1983-ж. 36 мүчөсү болгон. Милдети: психологиянын философиялык маселелерин — мамиле кылуу, психолингвистика, ойломду системалуу анализдоо, ац-сезимдин онугүү проблемаларын изилдоо. Психологиянын ж-а искусство чыгармаларынын мазмунун кабылдоо маселелерине айрыкча көңүл бурулат. Кыргыз элинин турмушунун бардык чойросундогу тарыхый кайра куруулардын мезгилинде кыргыздардын тилинин ж-а ац-сезиминин онугүү динамикасына тийиштүү изилдоолор жүргүзүлүүдө. Уюшулгандан бери коомдун болуму 100го жакын кеңешме откорду. Болумдун мүчолору психологдордун бүткүл союздук съезддеринде, психология ж-а философия б-ча эл аралык конгресстерде докладдарды жасашты. Элдердин ортосунда оз ара мамиле кылуу психологиясынын проблемаларын б-ча жыйнактардын сериясы чыгарылып турат. Психологиянын ар кандай маселелери б-ча бир катар монографиялар басылып чыкты. Болум СССР ИАнын Психология ин-ту м-н тыгыз байланышта. *А. А. Брудный*

Кыргыз республикалык илимий-экономикалык коому — Кыргыз ССРинин экономисттеринин ыктыярдуу массалык уюму. 1982-ж. түзүлгөн. Коом пландоо, финансы, статистика, банк мекемелеринин, материал-техникалык жабдуу органдарынын кызматкерлерин, илимпоз экономисттерди, новатор жумушчуларды ж. б. бириктирет. Милдети — респ-канын экон. ж-а социалдык онугүшүнүн маанилүү проблемаларын чечүүдө коомдун мүчолорунун демилгесин ж-а активдүүлүгүн арттыруу га, коомдук ондурүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга, планданттыруунун оркүндотүүгө, илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө, экономика маселелери б-ча партия м-н окмоттун чечимдерин пропагандалоого комок көрсөтүү. Бул ыктыярдуу коомдун Ош, Ысык-Көл, Нарын, Талас областтык, райондук ж. б. болумдору иштеп жатат. *А. Сыдыкбаев*

Илимий-техникалык коомдор (ИТК). Кыргыз ССРинин илимий-техникалык коомдору ондурүштүн тармактары б-ча уюшулуп, профсоюздун жетекчилигинде иштейт. Эл чарбасында илимий-техникалык прогрессти ийгиликтүү ишке ашырууга комок көрсөтөт. Жаңы техниканы түзүүгө, ондурүштү ургаалдаштырууга ондуруш процесстерин механикалаштыруу ж-а автоматташтырууга активдүү катышып, илимий-техникалык билимдерди пропагандалайт. Респ-калык Совет ИТКнын респ-калык уюмдарынын ишин координациялап, тармактар аралык маселелер б-ча конференция, семинар, кеңешме ж. б. откорот, конкурс ж-а коомдук кароолорду уюштуруп, ондурүштүк-техникалык жаңы тажрыйба ж-догу материалдарды чыгарат. Илим м-н техниканын жетишкендиктерин эл чарбасында пайдаланылышына коомдук контролдукту ишке ашырат. Респ-када биринчи ИТК 50-жылдарда пайда болгон. 1968-жылдан алардын ИТКнын Кыргыз респ-калык совети жетектейт. Совет 16 тармактык башкарманы, Ош (1974-ж.) ж-а Ысык-Көл (1976-ж.) областтык советтерин биригирет. 1983-ж. 1-январда Кыргызстандын ИТКсынын 1155 баштапкы уюмунда 87 400 мүчө болгон.

Илимий-техникалык коомдор

Коомдун аты	Уюшулган жылы	Мүчолорунун саны (1982-ж. 1-янв.)
Машина куруу онор жайы	1958	7550
Курулуш индустриясы	1956	10181
Айыл чарба	1956	21241
Нефть ж-а газ онор жайы	1956	1100
Түстүү металлургия	1956	1531
А. С. Попов атн. Радиотехника, электроника ж-а байланыш	1956	1902
Соода	1970	11600
Женил онор жай	1955	5170
Д. И. Менделеев атн. Бүткүл союздук химия коому	1955	1608
Тамак-аш онор жайы	1956	4700
Автомобиль транспорту ж-а жол чарба	1962	8900
Коммуналык чарба, жергиликтүү онор жай ж-а тиричилик жактан тейлоо	1962	4860
Полиграфия ж-а басма	1955	1165
Ун-акшак онор жайы	1957	675
Тоо-кен (геология)	1961	1832
Энергетика ж-а электр-техникалык онор жайы	1957	4488

Ф. Т. Каширин

ЧЫГАРМАЧЫЛ СОЮЗДАР

Чыгармачыл союздар — чыгармачыл кызматкерлердин ишин биригирип ж-а жонго салуучу респ-калык ыктыярдуу коомдук уюмдар. Кыргызстанда жазуучу, журналист, композитор, сүрөтчү, архитектор, кинематографист ж-а театр онорунун кызматкерлеринин чыгармачыл уюмдары бар.

Жазуучулар союзу. Респ-канын адабиятчыларын биригирип, СССР жазуучулар союзунун составдык болугү болуп эсептелет. Максаты — идеялык-көркомдук деңгээли жогору чыгармалардын жаралышына шарт түзүү, адабиятчылардын чеберчилигинин осүшүнө комок коргозүү, СССРдин улуттук адабияттарынын оз ара байланыштарын чыңдоо, жазуучуларды оз чыгармачылыгында коом алдындагы жоопкерчиликти сезе билүүгө тарбиялоо. Кыргыз жазуучуларынын биринчи адабий бирикмеси — «Кызыл учкун» 1927-ж. түзүлгөн. 1930-ж. мурдагы ар түрдүү адабий ийримдер Пролетар жазуучуларынын кыргыз ассоциациясына баш кошкон. 1931-ж. сентябрда Кыргызстанда биринчи адабий-көркөм журнал «Чабуул» жарыкка чыккан. ВКП(б) БКнын «Адабий-көркөм уюмдарды кайра түзүү жөнүндө» (1932, апр.) токтомуна ылайык ВКП(б)нин Кыргыз обкому 1932-ж. 16-июлда Пролетар жазуучуларынын кыргыз ассоциациясын Кыргызстан жазуучулар союзу деген наам м-н кайра түзүү ж-до чечим кабыл алган. Союздун карамагында проза, поэзия, драматургия, сын, балдар адабияты, аскердик-көркөм адабият, көркөм көтормө, орус жазуучуларынын чыгармачыл секциялары ж-а союзга мүчөлүккө кабыл алуу комиссиясы түзүлгөн. 1966-ж. союздун Ош болумү ачылган. Жазуучулар союзу «Ала-Тоо» ж-а «Литературный Киргизстан» адабий-көркөм журналдарын, «Кыргызстан маданияты» жумалыгын чыгарат. Көркөм адабиятты пропагандалоо бюросу, СССРдин адабий фондусунун болумү иштейт. Союздун 7 съезди (1934, 1954, 1959, 1966, 1971, 1976, 1981) оттү. 1982-ж. 1-январда союздун 214 мүчөсү бол-

гон. Башкармасынын председателдери: 1934—37, 1940—44, 1946—49-ж. Токомбаев А., 1937—40-ж. Умоталиев Т., 1944—46, 1949—53-ж. Баялинов К., 1953—59. Салиев А., башкармасынын биринчи секретарлары: 1959—71-ж. Абдумомунов Т., 1971-жылдан Аскаров Т.

СССР жазуучулар союзунун Кыргызстандагы мүчолору: 1934. Беконбаев Ж., Жантошев К., Маликов К., Токомбаев А., Турусбеков Ж., Тыныстанов К., Умоталиев Т., Шиваза Я., Элебаев М.; 1935. Абдукаимов У.; 1936. Сасыкбаев С., Сыдыкбеков Т., Шамшиев Т., Шүкүрбеков Р.; 1938. Үсөнбаев А., Баялинов К., Борончиев Ы., Аныев К., Осмонов А., Саманчин Т., Тоголок Молдо (В. Абдырахманов)., Токтомушев А., Токобаев М.; 1939. Алыбаев М., Ашубаев Ж., Байжиев Т., Эсенкожоев К., Эшмамбетов К.; 1940. Чекменёв И. С., Чоробаев А.; 1942. Жамгырчиев Ж., Убукеев А.; 1943. Акаев К.; 1945. Байтемиров Н., Жетикашкаева Н., Рахматуллин К., Шайбеков Ы.; 1946. Абдыкеримова С.; 1947. Абдумомунов Т., Алыкулов Б., Белеков А., Жунусов К., Таштемиров Ж.; 1948. Бердибаев А., Зиссельман Я. В., Ковский Е. П., Удалов И. Н., Шпембергер В. А., Эралиев С.; 1949. Жусуев С., Самаганов Ж., Узакбаев Э., Фиксин С. А.; 1950. Абдукаримов М., Борбугулов М., Иманкулов Ч.; 1951. Бейшеналиев Ш., Бектепов К., Жангазиев М., Сарногоев В., Токтанунов А.; 1953. Аксаков М. Т., Салиев А., Тыныбеков Т., Умоталиев Ш.; 1954. Жундубаева Н., Өмүрбаев С., Сооронбаева З.; 1955. Бектурсунов С., Каимов К., Орозбаев О., Паршков В. И.; 1956. Айтматов Ч., Алпашев А., Асаналиев К., Сальников А. А.; 1957. Ишпенецкий Н. И., Токтобаев Ш.; 1958. Абдыкадырова С., Абдрахманов Ш., Байгабылов Т., Байзаков Т., Буларкиева М., Керимжанова В., Салыков Ж., Самохин Ф. И., Урманбетов С., Шабданбаев Т.; 1959. Айтбаева А., Акимкожоев М., Бобулов К., Касымбеков Т., Миняев Т., Осмоналиев К., Рыскулов Р., Укаев К.; 1960. Кыдыров А., Мавлянов Ж., Молдакматов А., Садыбакасов Ш.; 1961. Адышева Т.; 1962. Артыкбаев К., Жакиев Б., Светличный В. Е., Турсуналиев М., Тыныбекитова Ж.; 1963. Горячих В. П., Жакыпбеков А., Жапаров К., Исаков И., Маймулов С., Меньшиков М. П.; 1964. Абылкасымова М., Султанов О.; 1965. Аскаров Т.; 1966. Байжиев М., Даниекеев Ө., Дядюченко Л. В., Жетимишев С., Жигитов С., Жусупов К., Кожомбердиев Т., Молдобаев Т.; 1967. Абдыкалыков Ж., Арбуду А., Жакыпов М., Кудаев М., Саспаев А., Салибаев К., Смышляев Ю. М., Тойбаев М., Турсуналиев Э., Шатманов С.; 1968. Адашбаев Т., Мамытов Ж., Турсунов Э.; 1969. Болокбаев С.; 1970. Алыбаев Ж., Арыков Т., Жарынбаев Н., Жуманазаров К., Ибраев Э., Курчубеков А., Медербеков Э., Сейталиев М.; 1971. Абдраимов Ж., Орозалиев Б., Өмүралиев Б., Платонова Н. М. (Осташева)., Рудов М. А., Стамов А., Ташбаев К.; 1972. Абдыкеримов К., Мансуров Н.; 1973. Абакиров Б., Жумабаев У., Карымшаков С., Колесников Е. Г., Кулумбаев Ө., Момунова Г., Өмүрканов А.; 1974. Акматов К., Бекниязов Ж., Гапаров М., Мураталиев М.; 1975. Абдылдаев Ш., Акматбекова С., Алыбаев Б., Асаналиев В., Дегембаева А., Жирков А. В., Карагулов Б., Озмитель Е. К., Отунчиев Э.; 1976. Абдугафаров А., Ашымбаев К., Иванов А. И., Саатов Ж., Шаршеев Ж.; 1978. Даутов К., Жакшылыков А., Казакбаев Д., Самудинов Т.; 1979. Бердикеев К., Жунушев К., Карагулова Р., Медетов Ж., Рыскулов А., Сабыров К., Сактанов К., Сырымбетов А., Токомбаева С. Г., Тургунбаев С., Эсенгулов Ш.; 1980. Айтымбетов О., Асанбеков С., Зайцев А. И., Мамбетакунов К., Мукашева Р., Садыков А., Сексенбаев Б., Сооронов О., Хавазов Я. Д., Өрнбаев А.; 1981. Байгазиев С., Вакуленко В. Я., Жусубалиев К., Камалов А., Кылычев Э., Мамазаирова М., Парг Э. И., Токомбаев У., Чойбекова А., Эдилбаев К.; 1982. Петрухин Г. В., Мамбеталиев У., Чоробаев Ж., Осмоналиев К., Бапаев Х., Козубеков Т.

М. Жангазиев

Журналисттер союзу. Респ-канын мезгилдүү басма соз, телекөрсөтүү, радио уктуруу, информациялык агентство ж-а басма кызматкерлеринин, о. эле басма созго белсене катышкан жумушчу ж-а айылдык кабарчыларды баш коштуруп турат. 1959-ж. түзүлгөн, СССР журналисттер союзуна кирет. Милдеттери: кыргыз журналисттери м-н союздаш респ-калардын ж-а чет элколук журналисттердин ортосундагы байланышты чыңдоо, журналисттердин кесиптик чеберчилигин арттыруу, пресс-конф-я, конкурс, көргозмө, семинарларды откөрүү. Кыргызстан журналисттер союзунун 6 съезди (1959, 1962, 1966, 1971, 1976, 1981) оттү. 1982-ж. 1-январда союздун 953 мүчөсү болгон. 13 чыгармачыл секция (фельетончулар, фотожурналисттер, редакция-басма кызматкерлери, аскердик-патриоттук тарбия, спорт журналисттери ж. б.) ж-а төмөнкү басма соз, райондук газеталын журналисттери м-н иштөөчү комиссия, фотостудиясы бар. Ош, Ысык-Көл, Нарын, Талас обл-тарында уюмдары бар. Фрунзе шаардык уюму иштейт. Председателдери: 1958—66-ж. Сувапбердиев Т., 1966—71-ж. Токомбаев А., 1971—76-ж. Абакиров А., 1976-жылдан Турсунов Ж.

СССР журналисттер союзунун Кыргызстандагы мүчолорунон Кыргыз ССРинин маданиятка өмгөк сиңирген кызматкерлери наамын алгандар: 1957. Баялиев М., Глазьев В. А., Жапалиев Н., Кангелдиев Ш., Карабаев В., Кравченко И. Г., Кумушалиев К., Кыдырбаева К., Өмүралиев Т., Саатов Ж., Шепель В. Г.; 1958. Гафаров М., Грошенкова Р. Т., Денисюк П. С.; 1959. Абакиров А., Айткулова Д., Ботоканова А., Жунушалиев К., Погожев И. Н., Сопиев А., Чалтабаев С., Эрматов С.; 1960. Кузичев М. А.; 1961. Акунов Б.; 1962. Мурзаев К., Старков Е. Ф.; 1964. Укаев К.; 1971. Жумабаев Ш.; 1974. Турсунов Ж.; 1982. Абидов А., Борубаев Т., Копыстов Н. П.

В. Карабаев

Композиторлор союзу. Респ-канын композиторлорун ж-а музыка изилдоочүлөрүн биригирип, СССР композиторлор союзуна кирет. Кыргыз классикалык ж-а элдик музыкаларынын жакшы салттарын улантуунун, боордош СССР элдеринин музыка маданиятын үйрөнүүнү ж-а оздоштүрүүнү максат кылат; соц. реализмдин принциптерине негизделген жогорку идеялуу ж-а мыкты корком чыгармаларды түзүүгө жардам берет; композиторлор м-н музыка изилдоочүлөрдү коммунисттик идеологиянын духунда тарбиялайт; алардын чыгармачылык жактан осүшүнө ж-а профессиялык чеберчилигинин артышына комокчу болот. Союздун алдында музыка изилдөө, балдар ж-а симфония музыкасы ж. б. чыгармачыл секциялар иштейт. СССР музыка фондусунун Кыргыз респ-калык болумү композиторлордун чыгармачылык ишине ж-а алардын чыгармаларын жайылтууга шарт түзөт. 1939-ж. 25-октябрда уюшулган. 1982-ж. 1-январда союздун 22 мүчөсү болгон. Союздун 7 съезди (1948, 1955, 1961, 1967, 1972, 1977, 1982) оттү. Башкармасынын председателдери: 1939—67-ж. Малдыбаев А., 1967—79-ж. Абдраев М., 1979-жылдан Молдобасанов К.

СССР композиторлор союзунун Кыргызстандагы мүчолору: 1939. Власов В. А., Куроцков М., Малдыбаев А., Огомбаев А., Орозов К., Феро В. В., Шубин П. Ф.; 1941. Шералиев Ж.; 1942. Бастов М., Туманов Ы., Түлеев А.; 1949. Абдраев М., Аманбаев А.; 1958. Молдобасанов К.; 1961. Давлесов Н., Янковский В. В.; 1962. Фефферман В. В.; 1967. Жапыбеков А.; 1971. Эрматов Т.; 1972. Бурштин М. Г., Осмонов С., Роман В. М., Слезко А. Е.; 1973. Алагушов В., Глухов В. Г., Жумабаев Э., Малдыбаева Ж.; 1975. Мырзабаев А.; 1976. Брайловский В. В., Крылова Л. Л.; 1978. Турдубаев С., Дүйшалиев К.; 1979. Жарынбаев А., Исраилов С.; 1980. Чалапинов Т., Гусев В. И., Жээнбаев А.; 1981. Пантелеренс А. И., Саламатов Т.; 1982. Кузнецов А. Г., Асанбаев К.

В. Алагушов

Сүрөтчүлөр союзу. Респ-канын сүрөтчүлөрүн, иск-во изилдоочүлөрүн биригирип, СССР сүрөтчүлөр союзуна кирет. Максаты: кыргыз совет сүрөт ж-а жасалга-колдонмо өнөрүн онуктүрүү, оз мүчолорунун идеялык ж-а профессиялык деңгээлин көтөрүү. ВКП(б) БКнын 1932-ж. 23-апрелдеги «Адабий-көркөм уюмдарды кайра түзүү жөнүндө» токтомуна ж-а 1933-ж. 12-июлдагы ВКП(б) Кыргыз обкомунун «Кыргызстандын маданий курулушу жана элге билим берүү маселелери жөнүндө» 7-конф-ясынын резолюциясына ылайык 1933-ж. 11-ноябрда уюштуруу комитети түзүлгөн. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзу 1934-ж. 16-ноябрда уюшулган. Союздун карамагында көркөм фонд, жаш сүрөтчүлөр бирикмеси, сүрөтчүлөр клубу, Ысык-Көл чыгармачылык үйү, Ош, Пржевальск сүрөтчүлөр болумдору бар. Дайыма көргозмөлөр уюштурулуп турат. 1982-ж. 1-январда союздун 95 мүчөсү болгон. Союздун 7 съезди (1957, 1961, 1964, 1968, 1972, 1976, 1982) оттү. Башкарманын председателдери: 1933—37, 1941—43-ж. Чуйков С. А., 1937—40-ж. Евдаков Т. А., 1943—52, 1954—68-ж. Айтиев Г., 1952—54-ж. Михалёв А. Н., 1968-жылдан Садыков Т.

СССР сүрөтчүлөр союзунун Кыргызстандагы мүчолору: 1933. Образцов В. В., Чуйков С. А.; 1934. Ахылбеков С. М., Игнатьев А. И.; 1936. Айтиев Г.; 1937. Гальченко И. П., Деймант Л. Ф.; 1939. Ильина Л. А., Мануйлова О. М., Михалёв А. Н.; 1940. Тюрин В. С.; 1942. Мирошниченко И. Л.; 1946. Флекман Д. Н.; 1948. Белевич И. А., Ефременко Н. Ф., Кожахматов Ж., Сгибнев А. А.; 1953. Арефьев А. В.; 1954. Трусковский Л. Г.; 1956. Керимбеков К., Молдохматов А., Осташев А. С., Усубалиев А.; 1958. Аманкожоев К., Бекбоева А., Духанин А. И., Жуков В. П., Оморкулов М.; 1960. Бурлин Г. Д., Зубахин Ф. И., Лодягин Н. И.; 1961. Воронин А. Ф., Садыков Т.; 1962. Бочкарёв М. Я.; 1963. Абдуллаев М. Т., Даиров А., Тупый Г. А., Умотов Ж.; 1964. Нудель Р. Б., Ситдыков Х. Л.; 1965. Шубин А. Л.; 1966. Ахунов У., Жумабаев Б., Каменский А. В., Новиковский М. И.; 1967. Гладков В. С., Ишенов С., Мухитдинов А., Осмонов А., По-

нова О. П., Сыдыкбаев М., Чокморов С.; 1968. Жалиев В., Евдокимов Н. Е., Игнатьева Д. А., Орешкин Д. М., Торопов А. М.; 1969. Умоталиева Ж. Т.; 1970. Айтиев С. Т., Акынбеков М. Т., Бакашев С., Герцен Т. Т., Кузовкин Е. Г., Мисюрев А. П., Мурзакаримов А. В., Прыткова Л. А., Шестопал В. А., Хабибуллин З. А.; 1971. Асранкулов А. В., Бейшенов А., Мамбетакунова Ш., Турумбеков А. Р.; 1972. Бекжанин А. В., Жумабаев Ж., Касымов Т., Ким В.А., Койчиев Т. О., Максимов В. А., Торобеков С., Эпп А. И.; 1974. Аманов Р. Б., Ахмедов М. Х., Исланов А., Мукамбетов М., Садыкова А., Торобеков А., Шафеев С. Р., Хеидзе Д. В., 1975. Вульба И. Ф., Бутарин В. Г., Жусупов К., Копотев В. В.; 1976. Артикбаев К., Белкин Т. Г., Бекжанов М., Герасимов В. А., Гердюк Е. С., Данибеков Ш. А., Димов В. П., Конурбаев Д. П., Конурбаев И. А., Молдакматов Ж. А., Осмонов А., Сырцев В. А.; 1978. Бундайчиев В. Д., Соловьев А. И.; 1979. Величко А. И., Горбунов Л. В., Жолчуев Д., Оморов И., Солон Я. В., Өмуров У.; 1980. Асанбеков С. А., Зуев Г. В., Кругман В. М., Кютин В. Г., Тонтогонов Э., Турпанов Н.

Б. Бундайчиев

Архитекторлор союзу. Реси-канын архитекторлорун биріктирип, СССР архитекторлор союзуна кирет. Максаты: архитекторлорду архитектура ж-а шаар куруу б-ча чыгармалар түзүүгө багыттоо, мамл. ж-а коомдук мекемелерди долбоорлоого ж-а шаарларды ж. б. калк жашоочу пункттарды куруугa активдүү жардам корсотүү, архитекторлордун чыгармачылык чеберчилигин арттыруу. 1938-ж. Кыргызстан архитекторлорунун уюштуруу конф-ясында (Фрунзе ш.) түзүлгөн. Союздун союздаш реси-калардын архитекторлор союзу м-н чыгармачылык байланышы бар. Чыгармачылык конф-ялар, курултуй долбоору б-ча талкуулар откорулуп турат. Союздун 10 съезди (1949; 1954; 1955; 1959; 1961; 1964; 1966; 1968; 1975; 1980) отту. 1983-ж. 1-январда союздун 166 мүчөсү болгон. Башкарманын председателдери: 1938—41-ж. Сутягин Г. А., 1941—49-ж. Проворов П. Н., 1949—59-ж. Писарской Е. Г., 1959—61-ж. Исаев А., 1961—64-ж. Афонин П. А., 1964—68-ж. Тычинский В. Г., 1968-жылдан Писарской Е. Г.

СССР архитекторлор союзунун Кыргызстандагы мүчөлөрүнөн Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген архитекторлору наамын алгандар: 1938. Нусов В. Е.; **1947.** Писарской Е. Г.; **1957.** Исаев А.; **1958.** Кутателадзе Г. П.; **1961.** Курбатов В. В., Лызенко В. В.; **1968.** Сарбанов К.; **1974.** Жумакалиев А.; **1982.** Иванов В. А., Карпенко М. В.

Е. Г. Писарской

Кинематографисттер союзу. Кино өнөрү ишмерлерин (сценарийчилерди, режиссёрлорду, операторлорду, сүрөтчүлөрдү, сынчыларды) биріктирип, СССР кинематографисттер союзуна кирет. Максаты: жогорку идеялуу корком чыгармаларды жаратууга шарт түзүү, кинематографисттердин чыгармачылык жактан өсүшү үчүн кам көрүү, алардын профессиялык чеберчилигин көтөрүү, бир тууган сов. реси-калардын ж-а чет өлкөлөрдүн кино ишмерлери м-н байланышын чыңдоо. Кинематография кызматкерлер союзунун уюштуруу комитетинин кыргыз болуму 1958-ж. декабрда уюшулган. 1962-ж. октябрда өткөн Үюмдаштыруу съезди уюштуруу ж-а чыгармачылык милдеттерди аныктап, Союздун башкармасын шайлаган. Союзга караштуу корком ж-а документ кино, киподраматургия, киноактёрлор, телекөрсөтүү, чыгармачыл жаштар ж-а кино ышкыбоздор м-н иштөө, кино сынчылар, дубляж, кинопрокат, кинооператорлор, кинотехниктер, аскердик-шеф иштери б-ча чыгармачыл секциялар иштейт. Кино өнөрүнүн бүткүл союздук пропаганда бюросунун кыргыз болуму ж-а реси-калык кино үйү фильмдерди көрүү, аларды талкуулоо, жолугушуу, чыгармачыл отчёт, коргозмо ж. б-ды откорун турат. 1983-ж. 1-январда союздун 93 мүчөсү болгон. Союздун 4 съезди (1962, 1969, 1975, 1982) отту. Башкарманын председатели — Айтматов Ч. (1962-жылдан).

СССР кинематографисттер союзунун Кыргызстандагы мүчөлөрү: 1938. Эрдман Д. Н.; **1958.** Аксаков М. Г., Рыскулов М.; **1959.** Герштейн И. А., Мамуралиева Ф., Новиков В. В., Өмуралиев А., Турусбекова Л. Ж.; **1960.** Токарев М. Ф., Шведов Ю. С.; **1961.** Белякова В. М., Усубалиев Ш.; **1962.** Айтматов Ч. Т., Алымбаев А., Байжиев М. Т., Бурт В. Д., Комендантова А. Е., Кочетков А. Я., Кокеев Илиас, Копотев В. П., Кыдыралиев К., Макаров А. Г., Океев Т., Өмуралиев Б., Токарев А. Д., Туратбеков М. Д., Шеин Ю. П.; **1963.** Битюков А. И., Каимов К., Сагымбеков Б.; **1964.** Абдылдаев Б., Жумадилов С.; **1965.** Видугирис А. С., Убукеев М. А., Юсупжанова К.; **1966.** Бейшеналиев В., Жакиев Б., Ишенов С., Өмуркулов К.; **1967.** Котов В. Г., Шамшиев Б. Т.; **1968.** Артюхов О. В., Базаров Г. С., Борбиев Н., Вилесский В. В., Чокморов С.; **1969.** Аширов К., Токомбаев У., Шаршенов А.; **1970.** Ибрагимов У. М., Күйүкова Д., Кыдыкеева В.; **1971.** Гапаров М., Касымбеков А., Орозалиев К.; **1972.** Ким А., Макекадыров С., Сейдахматова Ж.; **1973.** Абдиев М., Жанкорозова А., Жусупов К.; **1974.** Абдыкулов К. А., Борбиев Э., Кумушалиева С., Турсунбаева Т.; **1975.** Альпиев А. Н., Ахмадеев А., Бердалиев Т., Дядюченко Л. В., Жадринов М. С., Жакыпбеков А., Жусубалиев К., Мусаев М., Орозалиев К., Рахматуллин Ж., Садырбаев Д., Эрматов Т.; **1976.** Абдыкулов И. А., Думанаев Ч. О., Дурандин В. Ф., Жыргалбаев М. У., Ибрагимов И. М., Симонин Ю. В., Котова Э. В., Таппова И. Ш., Шаршенова Р., Чадин С. А.; **1977.** Акматалиев К., Жамгырчинов А. В., Кутманалиев О., Чмонин Р. Н., Яковлев М. Ю.; **1978.** Алыкулов Ш. К., Ахмадеева Х. О., Мамбетова Н. И., Соданбек Ж.; **1979.** Байтемиров А.; **1980.** Орозалиева С., Сапарова З. Д., Сүйүндуков А., Соколов В., Скрыльников В.; **1981.** Боконбаев С., Дайырбеков У., Темирова-Шамшиева А., Федоров В. Г.; **1982.** Алиев М., Валянов М. К., Сарыбаев Э., Секимов А., Фуртичев Л. И.

Э. Ворбиев

Кыргыз ССР театр коому. Реси-канын театр ишмерлерин биріктирет. 1961-ж. уюштурулган. Максаты: элди коммунисттик духта тарбиялоого, коммунисттик моралдын принциптерин пропагандалоого, сахна чыгармаларын жаратууга комоктошүү; актёрлордун корком чеберчилигин ж-а саясий-идеялык деңгээлин көтөрүү, орус ж-а сов. театрлардын классикалык мурасынын мыкты салттарын, тажрыйбаларын үйрөтүүдө аларга бардык жагынан жардам көрсөтүү. Театр коомунун карамагында актёрлор үйү, китепкана ж-а ондуруш ишканасы бар. Анда драма, музыка ж-а элдик театрлар, сынчылар ж-а спектаклдерди коркомдоп коюу секциялары иштейт. Союздан республикалардын коомдору м-н, а. и. Бүткүл россиялык театр коому м-н да чыгармачыл тыгыз байланышта. 1982-ж. 1-январда коомдун 600 мүчөсү болгон. Коомдун 4 съезди (1960, 1965, 1973, 1981) отту. Председателдери: 1960—74-ж. Рыскулов М., 1974-жылдан Абдумомунов Т.

Кыргыз ССР театр коомунун мүчөлөрү (Кыргыз ССР эл артисттери, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери, сүрөтчүлөр, Кыргыз ССРинин иск-во эмгек сиңирген ишмерлери, Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген кызматкерлери): **1960.** Арсыгулов Ш., Балыкбекова С., Боталиев А., Варнавских Т. А., Далбаев С., Далбаева М., Дулатова Г., Жаманов С., Исмаилова У., Карюкина Г. Г., Качеев С. К., Кобегонов А., Күйүкова Д., Кумушалиева С., Кыдыкеева В., Кытаев И., Малдыбаева Б., Молдобаева З., Өмуралиев А., Прат Э. И., Рахмукова И., Сманалиев А., Табалдиев К., Торопов А. М., Усупбеков А., Шахов В. К., Яснивский Л. Л.; **1961.** Абдрахманова К., Алиев Б., Андабеков С., Бердибаев А., Бондаренко И. Г., Жумабаев А., Жумакаева Т., Лебедев Б. В., Махмутова М., Медетбеков К., Мырзабаев А., Окунь С. М., Салиева Т., Сарбагышев У., Сариев Д., Токтогулов Э., Түголов И., Чечейбаева С., Чодронов К.; **1962.** Бекмуратова С., Дернембаева И. Г., Иманкулова К., Молдокулова Э., Сартбаева К., Сейталиев Т., Стрипкина М. С., Токтоналиев С.; **1963.** Молчанова Е. А., Сыдыкбекова Ж., Темирбеков М., Тойгонбаева Н.; **1964.** Ворончиев Ы., Мухтаров Х., Сатаева Г., Шимеев С.; **1965.** Чокоева Р.; **1966.** Абдиев Т., Абдугафуров А., Жанкорозова А., Карасартова К., Кычаков Ж., Кыдырназаров А., Муратова М. Д., Мицмыхиев В., Сейдахматова Ж., Турсунбаева Т., Турсуналиев Э., Тыныбеков Т., Шабданова А., Шалтаев Б.; **1967.** Тагаев К.; **1968.** Валиулина Г., Жумакматов А., Муконинов В. И.; **1969.** Баетова А. А., Мадемилова К., Мартиросова О. П., Касымов Э., Пыхова-Раппопорт М. П., Ураимжанов А., Ярош Л. М.; **1970.** Токомбаева А.; **1971.** Бадинов Т., Нематов Н., Чабалаев Ж.; **1972.** Ахунбаев М. И., Байтоботов Д., Каныметова К., Муслимов М., Расулжанова М.; **1973.** Жунушалиева С., Мамбетова Н., Шералиев С.; **1975.** Новиконский М. И.; **1976.** Алышбаев М., Жумабаев Э., Кожомжаров Ч.; **1977.** Ырсалиев А.

М. Абдин

КООМДУК УЮМДАР

Социалисттик коомдук-саясий системаны мындан ары оңуктуруудо ж-а чыңдоодо илимий коомдор м-н чыгармачыл союздардай эле иштиярдуу коомдук уюмдардын ролу чоң. Реси-када бир катар коомдук уюмдар иштейт.

Чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыш коому. Иштиярдуу коомдук уюм. Реси-канын коомдук

уюмдарының, илим м-н маданияттын көрүнүктүү ишмерлеринин, о. ж. ишканалары м-н курулуштун алдыңкыларының, совхоз м-н колхоздордун демилгеси б-ча 1958-ж. 21-ноябрда 1-Үюмдаштыруу конф-ясында түзүлгөн. Ал — Чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыштын сов. коомунун союзуна коллективдүү мүчө. Коомдун жог. органы—реси-калык конф-я. Конф-я шайлаган коомдун Башкармасы чет өлкөлөр м-н достук коомунун болүмдөрүнүн ж-а коомдун коллективдүү мүчөлөрүнүн ишин координациялап, ага багыт берет. Коомдун максаты — совет эли м-н чет өлкөлөрдүн элдеринин достугун, өз ара түшүнүүсүн, ишенимин ж-а маданий кызматташтыгын оңуктуруго ж-а чыңдоого ар тараптан комок көрсөтүү. Коом Кыргызстандын эмгекчилерини чет өлкөлөрдүн элдеринин тарыхы, экономикасы, маданияты, турмушу ж-а коомдук оңугушу м-н тааныштырат, аларды Советтик Кыргызстандын турмушу, анын экономикасы, илими ж-а маданиятынын оңугушу м-н тааныштырууга көл кабыш кылат. Кыргызстанда чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыштын сов. коомунун реси-калык 6 болүмү: СССР-Монголия достук коомунун кыргыз болүмү (1958-ж. 21-ноябрда уюшулган), СССР-Кытай достук коомунун кыргыз болүмү (1960-ж. 10-февр.), СССР-Чехословакия достук коомунун кыргыз болүмү (1962-ж. 20-ноябрда Фрунзе шаардык коому катары уюшулган, 1976-ж. 22-сентябрдан реси-калык коом), СССР-Индия достук коомунун кыргыз болүмү (1967-ж. 14-дек.) СССР-Сирия достук коомунун кыргыз болүмү (1970-ж. 15-сент.) СССР-Бангладеш достук коомунун кыргыз болүмү (1972-ж. 15-окт.); СССР-Монголия достук коомунун обл. 3 болүмү: Ысык-Көл (1971-ж. 17-окт.), Нарын (1971-ж. 16-окт.), Ош (1971-ж. 17-окт.) обл-тарында, шаардык 6 болүм: СССР-Пакистан достук коомунун Фрунзе болүмү (1966-ж. 3-дек.), СССР-Непал достук коомунун Фрунзе болүмү (1970-ж. 22-сент.), СССР-Монголия достук коомунун Пржевальск (1970-ж. 5-окт.), Нарын (1970-ж. 5-окт.), Ош (1970-ж. 5-окт.) болүмдөрү, СССР-Чехословакия достук коомунун Пржевальск болүмү (1968-ж. 12-окт.) иштейт. Реси-када коомдун реси-калык, обл. ж-а шаардык болүмдөрүнүн 320 коллективдүү мүчөсү бар. Алар: о. ж. ишканалары, колхоздор, совхоздор, окуу жайлары, маданий-агартуу мекемелери, чыгармачыл союздар ж. б. Коомдук башталыштa 2 комиссия (туристтик ж-а жаштар) иштейт. Дүйнөнүн 95 өлкөсү м-н байланышат (1983). Реси-када достук коомунун болүмдөрү бар өлкөлөр (ЧССР, МЭР, Сирия, Индия, Непал, Пакистан, Бангладеш), бардык соц. өлкөлөр, Европанын (Бельгия, Швеция, Дания, Франция, Швейцария ж. б.), Жакынкы ж-а Ортоңку Чыгыштын, Африканын, Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азиянын айрым өлкөлөрү м-н абдан тыгыз байланыш түзүлгөн. Байланыш информациялык материалдарды (коргозмо ачуу, китеп жиберүү ж. б.) алмашуу, массалык иш-чараларды (митинг, достук кече, «тегерек столдо» жолугушуу, салтанаттуу жыйындар) откорүү, делегация ж-а туристтердин адистештирилген топторун жиберүү жолу м-н жүргүзүлөт. Комплекстүү иш-чараларды (достуктун айлыгы, жумалыгы, күндөрү) откорүү адатка айланды. 1977-жылдан Кыргыз ССРинин катышуусу м-н Сирия, Батыш Берлин, Швейцария, Бельгия, Дания, Францияда СССРдин Күндөрү откорулду. Коом Фрунзе ш-нын туугандаш шаарлар Ломе (Тогонун борбору) ж-а Уагадугу (Жогорку Вольтанын борбору) м-н достук байланышты чыңдоо б-ча көп иштерди жүргүзүүдө.

У. К. Саралаев

Керек-жарак кооперациясы. Шаар м-н кыштактын, социалисттик о. ж. менен а. ч-ның ортосундагы көп кырдуу байланышты ишке ашыруучу жумушчу табы, колхозчу дыйкандар ж-а советтик интеллигенциянын союзун чыңдоочу, ондуруш каражаттарынын коомдук (коллективдүү) менчик болушуна негизделген коомдук, көп тармактуу чарб. үюм. Керек-жарак кооперациясынын иш-аракеттеринин максаты — айыл-кыштак жерлеринде сооданы ж-а коомдук тамактануунуу уюштуруу; о. ж. үчүн а. ч. сырьёсун даярдоо, шаар калкын азык-түлүк м-н камсыз кылуу. 1912-ж. Кыргызстандын аймагында алгачкы керек-жарак кооперациясы, кредиттик ж-а ссуда-сактык шериктештиги пайда болгон. Чаржайыттык м-н пайда болгон, негизинен өсүп келе жаткан майда буржуазиялык чөйрөнүн бирин-серин окуздорун ж-а эмгекчи эл катмарынын бир аз болүгүн биріктирген бул коомдордун иш-аракети негизинен соода, коммерция м-н чектелген. Мындагы товар жүгүртүүдө биринчи кооперациялардын үлүшү абдан аз болгон. Рев-яга чейинки Кыргызстанда — Россиянын артта калган улуттук чет-жакасында кооперациялар соодага, экономикага анча таасир тийгизе алган эмес. 1917-ж. Кыргызстанда алгачкы жабдуу-сатуу кооперациялары түзүлгөн. 1924-ж. Пишпек, Пржевальск ж-а Жалал-Абадда Борб. союздун О. Азия болүмүнүн агентствосу уюшулган. Орто Азиянын улуттук мамлекеттерге болүнүшүнөн кийин Кыргызстандын аймагында керек-жарак кооперациясынын райондук 2 союзу (Пишпек ж-а Жалал-Абад) иштеген. 1926-ж. октябрда Кыргызстан керек-жарак кооперациясынын бирдиктүү борбору — Кыргызстан керек-жарак союзу түзүлүп, ал өткөн эле жылы 11 734 мүчөдөн турган 43 керек-жарак коомун биріктирип, бардык кооперациялардын пай фондусу 44 072 сомду түзгөн. 1982-ж. реси-канын керек-жарак кооперациясы 290дон ашык кооперациялык үюм ж-а ишканаларды камтып, а. и. 4 областтык ж-а реси-кага карапгуу 9 райондук союзун, 80ден ашык райондук ж-а айылдык керек-жарак коомун, 38 даярдоо конторасын, 18 соода базасын, 38 о. ж., транспорт ж-а курулуш ишканасы м-н үюмун, 18 кооперация сообдасын биріктирген. Кооперация мүчөлөрүнүн саны 943 миңден ашып, пай фондусу 10,2 млн сомго жеткен. Баштанкы звеносу — керек-жарак коому (кооперациялар). Керек-жарак коомдору райондук ж-а областтык союздарга биригип, СССР керек-жарак коомунун Борбордук союзунун мүчөсү — Кыргыз керек-жарак союзуна кирет.

1982-ж. Кыргыз ССР керек-жарак кооперациясы реси-канын калкынын жарымынан көбүн соода жактан тейледи. Реси-када чекене баа м-н товар жүгүртүүнүн 48,1% керек-жарак кооперациясынын үлүшүнө туура келет. 1980-ж. кооперациялардын 4493 соода жайы болгон. Товар жүгүртүүнүн өсүү темпи б-ча Кыргызстан керек-жарак союзу союздаш реси-калардын керек-жарак союздарынын ичинен алдыңкы орундардын бирин ээлейт. 1982-ж. чекене баа м-н товар жүгүртүү 1226 млн сомго жеткен. Товар жүгүртүү структурасы кыйла өзгөрдү: азык-түлүк эмес товарлардын үлүшү, айрыкча узак моонотко ж-а күндөлүк-маданий тиричиликте пайдаланылуучу товарлардын үлүшү артууда. Китеп сообдасы кыйла онүктү. 1965-ж. кооперациялар тарабынан 1406 миң сомго китеп сатылган болсо, 1982-ж. 4242 миң сомго сатылды. Кыргыз ССР керек-жарак кооперациясынын материалдык-техникалык базасы дайыма жаңырып, кеңири масштабда онүгүүдө. Бул максатка 8—9—10-беш жылдыктарда 181 млн сом капиталдык салым жумшалды. 1979-ж. сооба тармагынын камсыз болушун 1000 кишиге эсептегенде 1980-жылга белгиленген нормативге жеткен. Онүчүү бет жылдыкта 1560 сооба мекемесине комплекстүү рационалдык сунуш киргизилип, сатып алуучуларды тейлөө маданияты кыйла жогорулап, аз чыгым жумшоо м-н кошумча 26 миң м² алаттагы сооба жүргүзүлүүчү түйүндөрдү ишке киргизүүгө мүмкүндүк болду. Сооданы уюштуруунун прогрессивдүү формалары кеңири жайылтылууда. 1982-ж. реси-канын керек-жарак кооперациясындагы сооба мекемелеринин 73,7си озуи озу тейлөө ыкмасы б-ча иштеп, чекене баа м-н сатылган товардын 86,3% алардын үлүшүнө туура келди. Атайын маршрут ж-а графиктер б-ча 400-дөй автодүкөн талаа, жайлоо, кыштоолордогу чарбаларды тейлейт. Керек-жарак кооперациясында товар жүгүртүүнү кобойтүүнүн маанилүү резерви — озунун кооперациялык о. ж. ишканаларында эл керектоочу товарларды чыгаруу. 1982-жылда гана алар тарабынан 63,6

миң т пан, 643 миң декалитр пиво ж. б. сатылды. 1980-ж. 1-январда керек-жарак кооперациясынын системасында 59,2 миң орундуу 1491 коомдук тамактануу жайы болгон. 1980-жылга чейин коомдук тамактануудагы товар жүгүртүү жылына 63,4 млн сомго жетти. Керек-жарак кооперациясы — респ-када а. ч. азык-түлүгүн ж-а сырьё даярдоочу негизги уюм. 1979-ж. анын даярдалышы 1965-жылдагыдан 1,9 эсе көбөйүп, 305 млн сомго жеткен. Колхоз, совхоздордон ж-а айыл-кыштакта жашаган элдин менчик чарбасынан а. ч. азык-түлүгү м-н сырьёсу керек-жарак кооперациясы тарабынан сатып алынат. 1983-ж. Кыргыз ССР керек-жарак кооперация системасында 43,8 миң кызматчы, анын 9,4 миңден ашыгы жогорку ж-а атайын орто билимдүү, кооперациялык соодада 21,3 миң киши (48,6%), коомдук тамактанууда 7,0 миң киши (15,9%), калган тармактарда 15,5 миң киши (35,3%) иштеген. *М. Аманов*

Турак жай-курулуш кооперациясы (ТКК). Кооперация мүчөлөрүн турак жай м-н камсыз кылуу максатында граждандардын бириккен ыктыярдуу уюму. ТКК Кыргызстанда 1963-жылдан түзүлө баштаган. Турак жай курулушу мамл. кредиттин жардамы м-н кооперация мүчөлөрүнүн өз каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүп, аны курулуш монтаж башкармалары ишке ашырат. 1983-ж. 1-январга чейин 104 ТКК түзүлүп, 555,6 миң $м^2$ турак жай курулду. Мамл. кредит 30,5 млн сомду түздү. Кооперациялар СССРдин бирдиктүү соц. чарба системасына кирет, бирок иш-аракетинде СССР Конституциясы м-н Кыргыз ССР Конституциясындагы принциптерди, о. эле респ-канын өкмөтү бекиткен ТККнын Болжолдуу уставындагы эрежелерге ылайык кооперациялык тартипти сактайт. Курулган турак үйлөр кооперация менчигине кирип, мамл. дотациясыз өзүн өзү актоо негизинде пайдаланылат. Турак жай фондусун ремонттоо кооперациялардын күчү м-н же мамл. турак жай үчүн белгиленген шартта коммуналык чарба уюмдары тарабынан жүргүзүлөт. Кооперациялардын ишин эл депутаттар советинин райондук ж-а шаардык аткомдорунун турак жай башкармасы контролдойт.

А. Д. Горбачёв

«Билим» коому (1963-жылга чейин — Саясий ж-а илимий билимдерди жайылтуу кооому) — илим, техника, маданияттын жетишкендиктерин, алдыңкы өндүрүштүк тажрыйбаны респ-канын калкына кеңири пропагандалоо максатын көздөгөн массалык ыктыярдуу уюм. Ленин ордендүү Бүткүл союздук «Билим» коомунун составдык бөлүгү. Коом Кыргызстандын коргуңуктуу илимий ж-а маданий ишмерлеринин демилгеси б-ча 1948-ж. 15-январда уюшулган. Илимий ж-а саясий билимди массага жеткирө алган СССРдин ар бир граждааны коомго мүчө болоалат. 1983-ж. Кыргыз ССР «Билим» коому өзүнүн катарына 32 миңден ашуун илимпоз, илимий кызматкер ж-а жогорку окуу жайлардын окутуучулары, мугалим, врач, агроном, инженер, экономист, юрист, чыгармачыл интеллигенциянын өкүлү, новатор ж-а өндүрүштүн алдыңкыларын, алардын ичинен СССР ИА м-н Кыргыз ССР ИАнын 53 академигин ж-а корр. мүчөлөрүн, илимдин 215 доктору ж-а профессорун, 1890 доцент ж-а илимдин кандидатын бириктирген. Коомго коллективдүү мүчөлөр да — илимий-техникалык ж-а медициналык коомдор, жазуучу, композитор, кинематографист, сүрөтчү ж-а архитекторлордун чыгармачыл союздары кирет. Респ-калык «Билим» коому 4 облasttык (Ош, Ысык-Көл, Нарын, Талас), 15 шаардык, 44 райондук (Фрунзенин шаардык райондору м-н бирге) уюмдарды бириктирет. Коомдун Фрунзе шаардык уюму областтык уюм укугунда иштейт. Респ-канын завод-фабрикаларында, колхоз-совхоздорунда, мекемелеринде, ил. из. институт ж-а окуу жайларында «Билим» коомунун 1641 баштапкы уюму бар. Коомдун иш-аракети коомдук башталышта түзүлөт. Эмгекчилердин арасына билимди жайылтууга багытталган иштерге илимий-методикалык жетекчилик кылуу үчүн коомдун Башкармасына ж-а жергиликтүү уюмдарга караштуу атайын адистештирилген секциялар түзүлүп, илимпоз, адис, коомдук ишмер, жазуучу, иск-во ишмери ж-а өндүрүштүн новаторлорун камтыган лекциялык пропагандanын маанилүү багыттары б-ча (элдик университеттин иштери б-ча, жаштардын ж-а аялдардын арасында илимди пропагандалоо б-ча ж. б.) илимий-методикалык советтер ж-а комиссиялар иштейт. Респ-калык «Билим» коомунун карамагына Илимий атеизм үйү (ар кандай илимий-атеисттик иштерди жүргүзөт, лекторлорго методикалык жардам көрсөтөт) да кирет.

Кыргыз ССР «Билим» коомунун мүчөлөрү жыл сайын ишканаларда, колхоз-совхоздордо ж. б. кеңири тематикада 200 миңден ашуун лекция окушат, такай иштөөчү лекторийи бар; теориялык, илимий-өндүрүштүк ж-а экономикалык конф-я, тематикалык кече, «Лекторлор күнү», «Илимпоздор күнү», ооозеки ачкемелештүү (ооозеки журнал) өткөрүлөт; кызыктуу жолугушуулар ж-а интернационалдык достук клубдары иштейт. Кыргызстанда илимдин түрдүү тармактары б-ча иштеген элдик университеттер кеңири таралган. Алардын окуу-тематикалык планы м-н программасы угуучулардын билим деңгээлине, өндүрүштүк таламдарына ж-а акыл-ой мүдөөлөрүнө ылайыкталып, 1—3 жылдык окуу моопотуно эсептелген. Элдик университеттердин негизги максаты: угуучулардын саясий ж-а маданий кругозорун кеңейтүү, алган билимдерин практикада колдонуу, алдыңкы өндүрүштүк тажрыйбаны өздөштүрүү, эмгекти илимий негизде уюштуруунун жетишкендиктерин жайылтууга жардам берүү. 1983-ж. 1-январда респ-када илимдин 46 тармагы б-ча 657 элдик университет иштеп, 210 миң угуучу билимин өркүндөткөн. Лекторлорду даярдоо ж-а кайра даярдоо максатында Коом илимдин айрым тармактары б-ча семинар, илимий-теориялык конф-я, жогорку окуу жайларындагы жаш лекторлор мектебинин ишин уюштурат; респ-калык, областтык ж-а шаардык уюмдардын Башкармаларына караштуу лекторлор мектеби үзгүлтүксүз иштейт. Коомдун илимий-методикалык совети ж-а комиссиялары лекторлорго жардам катары жыл сайын лекциялардын ж-а методикалык окуу куралдардын 100дөй текстин чыгарат. Бүткүл союздук «Билим» коому чыгарган окуу куралдары кеңири пайдаланылат. Кыргыз ССР «Билим» коомунун бардык иш-аракети партиялык уюмдардын жетекчилиги ж-а күндөлүк колдоосу астында Кыргызстандын эмгекчилеринин руханий турмушун байытууга алардын саясий ж-а илимий билимдерин арттырууга багытталган.

А. П. Грабарева

Бүткүл союздук ойлоп чыгаруучулар жана рационализаторлор коомунун Кыргызстандагы уюму. Ойлоп чыгаруучу ж-а рационализатордук сунуштарга катышкан эмгекчилерди бириктирет. 1959-ж. түзүлгөн. Профсоюздардын жетекчилигинде ж-а респ-калык тармактык министерстволор, Кыргызстан ЛКЖС БК, коомдук уюмдар м-н тыгыз байланышта иштейт. Уюм областтык коомдорду, ойлоп чыгаруу ж-а рационализатордук сунуштар б-ча тармактык секцияларды бириктирет. 1983-ж. 1-январда коомдун 87 500 адамды бириктирген 692 баштапкы уюму, 200 коомдук конструкторлук бюросу болгон. Бюронун адистери 1982-жылдын ичинде гана 2270 сунушту иштеп чыгышкан. Коомдун респ-калык совети, о. эле рационализаторлор бригадасынын коомдук патент бюросунун, новаторлор советинин иштерин жетектейт. 1982-ж. 1-январга карата ишканаларда рационализаторлордун 11 миңден ашык адамды бириктирген 2661 комплекстүү чыгармачыл бригадасы иштеген. 1982-ж. алар 4462 рационализатордук сунушту иштеп чыгышкан. Коомдун иш-аракетинин негизги багыттарынын бири: ойлоп чыгаруучулар ж-а рационализатордук сунуштарды эл чарбасында пайдалануу жолу м-н унөмдөө фондусун түзүү үчүн соц. мелдешти уюштуруу ж-а өткөрүү. 1976—80-жылдарда респ-калык совет Кыргызстандын бардык тармактык министерстволору м-н бирдикте ойлоп чыгаруучулар м-н рационализаторлордун соц. мелдешин, кароо, конкурс, эстафета өткөрүүнү

уюштурган. Респ-канын ойлоп чыгаруучулары м-н рационализаторлору, коомдун уюмдары партия м-н өкмөттүн тапшырмаларын ийгиликтүү аткарып, өндүрүштүн натыйжалуулугун ж-а сапатын жогорулатуу, жогорку өндүрүмдүү машиналардын бүткөрүлгөн системасын түзүү б-ча иштерди жүргүзөт. *Л. В. Гончарова*

Кызыл Крест коому. Массалык ыктыярдуу уюм. Коомдун саламаттык сактоо органдары м-н тыгыз байланышта жүргүзүүчү негизги милдеттери: респ-канын калкынын арасында массалык уюштуруу ж-а санитариялык-сактануу иштерин, медицина ж-а гигиена илимдерин пропагандалоо, ооруларды ж-а майып болуунун азайтуу максатында санитариялык-ден соолукту жакшыртуу ж-а профилактикалык чараларды жүргүзүү, элди алгачкы медициналык жардам берүү эрежелерине үйрөтүү. СССР Кызыл Крест ж-а Кызыл Жарым Ай коомунун союзуна кирет. 1926-ж. түзүлгөн. Женева конвенциясынын токтомуна ылайык Кыргыз ССРинин Кызыл Крест коомунун өз эмблемасы — ак фондо Кызыл Крести, желек ж-а эмблема тартылган моору бар. Кызыл Крест коому жайлоолордо ж-а алыскы айылдарда врачтык көчмө участкаларды, чумага каршы кам көрүү, төрөт үйлөрүн, санитариялык-агартуу ийримдерин түзүү ж-а медициналык алгачкы жардам көрсөтүү б-ча, санитариялык активдерди, медсестраларды даярдоо, санитариялык-агартуу адабияттарын чыгаруу б-ча көп иштерди иштеди. Сандружиналар, санпосттун мүчөлөрү, коомдук санитариялык инспекторлор инфекциялык ооруларын алдын алууда саламаттык сактоо органдарына жардам берип, шаар м-н кыштактардын санитариялык абалын жакшыртуу ишине катышат, ооруулууларды, өтө карыган адамдарды, согуш ж-а эмгек инвалиддерин багууга жардамдашат, акысыз донорлорду көбөйтүүгө көмөк көрсөтөт. Кыргыз ССРинин Кызыл Крест коому — респ-када санавиацияны уюштуруунун демилгечиси. Табигый кырсыкка учураган элге жардам көрсөтүү б-ча көп иштерди аткарат. Чет өлкөлөрдүн Кызыл Крест, Кызыл Жарым Ай, Кызыл Арстан ж-а Күн коомдору м-н байланышта. 1983-ж. 1-январда коомдун 1 480 миң мүчөсүн бириктирген 4 областтык, 14 шаардык, 39 райондук, 4189 баштапкы уюму болгон.

Р. Б. Ибраимова

Армия, авиация ж-а флотко көмөк көрсөтүүнүн ыктыярдуу коомунун кыргыз республикалык уюму (ДОСААФ). СССР ДОСААФынын составдык бөлүгү. 1951-ж. 20-августта түзүлгөн (1927—48-ж. Осоавиахимдин респ-калык уюму, 1948—1951-ж. ДОСАРМ, ДОСАВ ж-а ДОСФЛОТтун респ-калык уюму). 1983-ж. 1-январда ө. ж. ишканаларында, колхоз-совхоздордо, окуу жайларда 1 360 миң мүчөнү бириктирген 4594 баштапкы уюму болгон. Респ-калык ДОСААФтын милдеттери: өлкөнүн коргонуу күч-кубатын чыңдоо ж-а жаштарды аскер кызматын өтөөгө даярдоо, социалисттик Ата Мекенди коргоого даяр туруу, эмгекчилерди сов. патриотизмге тарбиялоо, аскердик билимди, сов. элдин ж-а анын Куралдуу Күчтөрүнүн баатырдык салтын эл арасына пропагандалоо иштерине активдүү көмөк көрсөтүү. ДОСААФтын уюмдары респ-канын маданий ж-а чарбалык курулушуна активдүү катышат. 1934-ж. апрелде Фрунзе аэроклубу ачылып, Кыргызстанда 1-жолу Осоавиахимдин самолёту учурулган. Анын 6 тарбилануучусу Улуу Ата Мек. согушта фаш. немец баскынчылары м-н кармашта көрсөткөн эрдиги үчүн Сов. Союз. Баатыры деген наамга татыктуу болгон (М. Н. Бабкин, Н. П. Мирошниченко, Н. М. Рудь, Е. К. Мазков, М. Д. Афанасьев), ал эми Талгат Бегелдинов бул наамга 2 жолу татыктуу болгон. Респ-канын осоавиахимчилери «Кыргыз осоавиахими» танк колоннасын курууга 2,5 млн сом жыйнап, андан тышкары коргоо фондусуна 419,8 миң сом беришкен. Кыргыз ССРинин ДОСААФынын автомобиль, радиотехникалык, дениз, техникалык мектептери, авиаклуб, спорттук-техникалык ж-а спорттук-аткычтар клубу бар. Алардын базасында респ-канын эл чарбасы үчүн аскердик-колдонмо маанидеги ар түрдүү массалык техник адистер даярдалат. Респ-канын ДОСААФ уюмдары спорттун аскердик-техникалык түрлөрү — самолёт, парашют, автомобиль, мотоцикл спорттору, суу астындагы спорт, суу-мотор спорту, аткычтар спортун ж-а моделдөөчүлүктүн ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүгө жетекчилик кылат. *К. Усенбеков*

Ыктыярдуу спорт коомдору (ДСО). Граждандарды физкультура, спорт ж-а туризмге көнүктүрүүгө, квалификациялуу спортсмендерди даярдоого ж-а спорттун бардык түрүн кеңири өнүктүрүүгө аракеттенген массалык ыктыярдуу уюмдар. Уюм коомдун максатын, милдетин, уюмдаштыруу жактан түзүлүшүн, ишинин мазмуну м-н тартибин камтыган уставдын негизинде иштейт. Ар бир коомдун өзүнүн желеги, вымпели, эмблемасы, көкүрөккө тагылуучу значогу (төш белгиси) бар. Коомдун баштапкы уюмдары — физкультура коллективдери. 1982-ж. 1-январда Кыргызстанда 7 ДСО, 2760 физкультура коллективи (1 185 796 киши) болгон. Анын экөө («Динамо», «Эмгек резервдери») ведомстволук; төртөө

Спорт коомдору (1982-ж. 1-янв.)

Коомдун аты	Уюшулган жылы	Коомдун мүчөлөрү	Физкультура коллективдеринин саны	Физкультурниктердин саны
Бүткүл союздук				
«Спартак»	1935	жергиликтүү ө. ж., коммуналык чарба, байланыш, автомобиль транспорту ж-а шоссе жолдорунун жумушчулары м-н кызматкерлери, маданий-агартуу, соода, медицина, мамл. мекемелер, геология, граждандык авиациянын кызматкерлери, атайын орто окуу жайларынын окуучулары	299	99630
«Локомотив»	1936	темир жол транспортунун кызматкерлери	17	3279
«Эмгек резервдери»	1944	шаардык ж-а айылдык кесипчилик окуу жайларынын окутуучулары, окуучулары, кызматкерлери	88	47508
«Буревестник»	1957	жогорку окуу жайларынын студенттери, профессор-окутуучулар составы, кызматкерлери	9	30121
Республикалык				
«Алга»	1955	машина куруу, прибор куруу, комур, металлургия, жеңил, текстиль, нефть ө. ж. ишканаларынын, курулуш ж-а курулуш материалдар ө. ж-нын жумушчулары, инженер-техникалык жумушчулары, кызматкерлери, атайын орто окуу жайларынын окуучулары	172	88617
«Колхозчу»	1954	совхоз, мамл. а. ч. техника комитетинин жумушчулары, кызматчылары, колхоздук, айыл мектептеринин окуучулары, орто ж-а атайын окуу жайларынын окуучулары, айыл интеллигенциясы, айыл чарба ин-тунун профессор-окутуучулар составы, кызматкерлери	736	154370

(«Спартак», «Локомотив», «Буревестник», «Алга») профсоюздук, «Колхозчу» айылдык ыктыярдуу спорт коому.

Д. Өмүрзаков

Тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо коому. 1966-ж. 15-февралда түзүлгөн массалык коомдук уюм. Коомдун максаты: Кыргызстандын аймагындагы тарыхый ж-а маданий эстеликтердин бардык түрүн коргоого ж-а илимий изилдөөго катышуу, эстеликтерди реставрациялоого атайын адабияттарды чыгаруу, экскурсия уюштуруу, лекция окуу, басма сөз, радио, телекөрсөтүү ж-а информациялык башка каражаттарды кеңири колдонуу аркылуу элди маданий мурастар м-н тааныштыруу. Коом китеп, брошюра, плакат ж-а лекция материалдарын, о. эле «Кыргызстандын эстеликтери» деген илимий-популярдык жыйнакты чыгарат. Аның каражатынын эсебинен тарыхый ж-а маданий эстеликтер ж-до фильмдер тартылат. Коомдун 600 миңден ашуун адамды бириктирген 2500 баштанкы уюму бар (1983, 1-янв.). Кооомдун баштанкы уюмдары коптогон археологиялык эстеликтердин абалын көзөмөлдөп турат. Совет бийлигинин мезгилиндеги эстеликтердин туруктуу шефтери бар. Респ-кадагы эстеликтердин ичинен 20сы жалпы союздук маанияге ээ. Алар: 1918-ж. Совет бийлиги үчүн күрөшто курман болгон кызыл гвардиячылардын эстелиги, Фрунзеде; Н. М. Пржевальскийдин Ысык-Көлдөгү бейити ж-а эстелиги (1894); Бурана ж-а Өзгөн архитектуралык комплекстери (11—12-к.); Шах-Фазиль мавзолейи (12-к.); Манастын күмбөзү (14-к.); Кызыл-Суу шаар калдыгы (5—12-к.); Кара-Булак коругону (1—5-к.) ж. б. Коом эстеликтерди коргоо б-ча мамл. органдар — Кыргыз ССР маданият министерствосу, Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу Архив башкармасы, эл агартуу мин-восу, Кыргызстан ЛКЖС БКсы, респ-канын илимдер академиясы м-н тыгыз байланышта иштейт; согуш ветерандарынын секциясы, чыгармачыл союздар ж-а коомдук башка уюмдар м-н да байланышта.

Т. Кулматов

Табиятты коргоо коому. Табиятты коргоо, табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу ж-а аны калыбына келтирүүдө респ-канын өкмөтү жүргүзгөн иш-чараларга көмөк көрсөтүүчү массалык ыктыярдуу коомдук уюм. 1964-ж. 1-уюштуруу съездинде түзүлгөн. 1969-ж. 2-, 1975-ж. 3-, 1981-ж. 4-съезди өткөн. 1983-ж. 1-январда 4 областтык, 54 шаардык, райондук бөлүмү, 1112 миң адамды бириктирген 3337 баштанкы уюму ж-а 1294 коллективдүү мүчөсү (о. ж. ишканалары, колхоз-совхоздор ж. б.) болгон. Кыргызстандын ишканаларында, колхоз-совхоздорунда тазалоо курулмаларынын ишин көзөмөлдөө б-ча 357 коомдук контролдук пост түзүлгөн; 65,8 миң мектеп окуучусу — «Жашыл патрулдардын» мүчөсү, коомдун 1538 мүчөсү табиятты коргоо б-ча коомдук инспектор болуп иштейт. Коом табиятты коргоо маселелери б-ча калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, сыртқы чөйрөнү булганууудан сактоого, шаар м-н кыштактарды жашылдандырууга кам көрүп, браконьерлерге каршы күрөшөт. Бул максатта коомдун советтеринде жер, суу, өсүмдүк ресурстарын, абаны, жапайы айбанаттарды коргоо секциялары, о. эле редакциялык-басма совети түзүлгөн. Коом массалык тираж м-н китепче, плакат, эскерткич, баракчаларды чыгарат; түрдүү көргөзмөлөрдү, конкурстарды өткөрөт. Табиятты коргоо маселелери басма сөздө жарыяланып, радио аркылуу уктурулат. Табиятты коргоо б-ча респ-када «Билим» коому м-н бирдикте системалуу лекция окулат. Коомдун алдыңкы коллективдери «За охрану природы» коло медалы м-н сыйланат. Фрунзеде коомдун шаардык бөлүмүнө караштуу адистештирилген «Табият» дүкөнү ачылган. Коом Кыргызстанда пайдалуу жапайы капаттуулар м-н айбанаттарды байыр алдырып өстүрөт.

С. Т. Пасечник

Дүлөй-сокурлар коому. Көрүү ж-а угуу органдары б-ча injалиддерди эсепке алуу ж-а аларды коомдук пайдалуу эмгекке тартуу, материалдык-турмуш шартын жакшыртуу максатындагы коомдук уюм. Сокурлар коому 1937-ж. 23-ноябрда сокурлардын 1-Бүткүл кыргызстандык съездинде уюшулган (буга чейин 1927-жылдан Бүткүл россиялык сокурлар коомунун Фрунзе бөлүмү аның уюмдаштыруу борбору болгон). Дүлөй-дудуктардын кыргыз коому 1949-ж. декабрда коомдун 1-съездинде уюшулган. 1958-ж. октябрда 6-бириктирүү съездинде дүлөй-сокурлардын кыргыз коому түзүлгөн. Кыргызстанда сокурлардын арасында алгачкы иштер 1927-жылдан жүргүзүлө баштаган. Аны Бүткүл россиялык сокурлар коомунун Фрунзедеги бөлүмү ж-а респ-канын социалдык камсыздоо эл комиссариатынын окуу жүргүзгөн. 1930-жылдын башында Фрунзе ш-нда ж-а Садовый кыштагында алгачкы ячейкалар түзүлгөн. Ошол эле жылы сокурлар үчүн 1-артель Фрунзеде, 1932-ж. Садовый кыштагында түзүлүп, 1935-ж. окуу-өндүрүштүк ишкана деп аталган. Ушундай эле ишкана 1946-ж. Токмокто иштей баштаган. 50-жылдарда Кант, Ош, Пржевальск ж-а Жалал-Абад окуу-өндүрүштүк ишканалары уюшулуп, аларда 435 адам иштеген. 1983-ж. 1-январда Сокур-дүлөйлөрдүн кыргыз коомунун 56 баштанкы уюмунун өндүрүштүк 9 ишканасында ж-а атайын конструктордук бюросунда 2228 киши иштеген, аның 1 187си көрүү ж-а угуу органдары б-ча инвалид. Коомдун ишканаларында металл иштетүү, жыгач иштетүү, текстиль, кийим тигүү, химия ө. ж. продукциялары чыгарылат. Коом сокур-дүлөйлөрдүн арасында физкультура, өздүк көркөм чыгармачылыкка ж-а ар түрдүү тарбия иштерин жүргүзүүгө көп көңүл бөлөт.

Л. С. Сурова

Суугa чөгүүдөн сактоо коому. Сууда граждандардын өмүрүнүн кооpсуздугун камсыз кылуу, суугa чөгүп кетүү кырсыгынан сактоо максатында профилактикалык иштерди жүргүзүүчү ыктыярдуу коомдук уюм. 1970-ж. 6-майда түзүлгөн. Коом областтык, шаардык, райондук советтерден турат. Коомдун негизин баштанкы уюм түзөт. Составына чакан өлчөмдөгү флот кирип, аның ишин эсепке алуу, каттоо, контролдоо б-ча инспекция, суучулдарды даярдоо ж-а кайра даярдоо б-ча респ-калык окуу борбору бар. 1983-ж. 1-январда Кыргыз ССРинин суугa чөгүүдөн сактап калуучу 17 станциясы (Ысык-Көлдө 5, Ош обл-да 5, Фрунзеде 4, Сокулук 1, Токтогул ш. т. п-да 1, Киров кыштагында 1) бар. 1957—83-ж. 185 киши «Чөгүп баратканды сактагандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган.

К. Т. Курманалиев

Орттон сактоо ыктыярдуу коому. Орттон сактоо б-ча иш-чараларды жүргүзүү, соц. меничкти ж-а гражданлардын өздүк мүлктөрүн орттон сактоого активдүү катышууга элдин кеңири катмарын тартуу максатындагы коомдук уюм. 1938-ж. уюшулган Фрунзе шаардык коомунун базасында 1956-ж. түзүлгөн. 1983-ж. 1-январда коомдун 3 обл., 8 шаардык ж-а 12 райондук уюму болгон. Уставы 1974-ж. декабрда коомдун 1-съездинде кабыл алынып, 1975-ж. 6-февралда Кыргыз ССР Министрлер Совети бекиткен. Коом өз ишин Кыргыз ССР ички иштер министерствосунун орттон сактоо органдары м-н тыгыз байланышта жүргүзөт. Коомдун өз желеги, эмблемасы, «Кыргыз ССР орттон сактоо ыктыярдуу коому» белгиси, мүчөлүк төш белгиси, о. эле «Кыргыз орттон сактоо ыктыярдуу коомунун отличниги» деген сыйлык төш белгиси бар. Коом орттон сактоо техникасы б-ча билимдерди пропагандалап жайылтат, коомдун мүчөлөрүнө, калкка өрт чыгуунун алдын алуу ж-а өртү өчүрүүнүн жолдорун ж-а ыкмаларын үйрөтүүнү уюштурат, окуу сборлорун, спорттун өрт өчүрүүчүлүк колдонмо түрү б-ча мелдештерди өткөрүп, ишкана, мекеме, колхоз, калктуу жайлар ж-а турак үйлөрдүн орттон сактануу абалы б-ча коомдук кароолорду өткөрүүгө катышат; ыктыярдуу өрт өчүрүүчү командаларда иштерин уюштурууга көмөк көрсөтөт, өспүрүмдөрдүн ыктыярдуу өрт өчүрүү командаларын уюштуруп, аларда окуу-тарбия иштерин жүргүзөт.

М. К. Кожемякин

Аңчылар м-н балыкчылар коомдорунун союзу (Кыргызстан аңчы-балыкчы союзу). Өз демилгеси м-н иштөөчү массалык ыктыярдуу коомдук уюм. 1959-ж. 14-августта уюшулган. Милдеттери: аң уулоо ж-а балык кармоо спортуна калкты көбүрөөк тартуу, аңчылык ай-

банаттарынын санын көбөйтүү, коргоо ж-а сактоо, аңчылык чарбасын респ-канын жалпы эл чарбасын өнүктүрүү милдеттерине шайкеш жүргүзүү ж-а өнүктүрүү, аңчы м-н балыкчыларды коомдун соода тармактары аркылуу зарыл спорт ж. б. товарлар м-н жабдуу, даярдоо органдарына аң терилерин берүү ж-а балык кармоо пландарын аткарууга көмөк көрсөтүү, аңчылыкта эмгектин баштыкка жол бербөө. Кыргыз ССРинин аңчы-балыкчы союзунун 1983-ж. 1-январда 4 областтык, 2 район аралык, 2 шаардык, 1 райондук коому ж-а 275 миң аңчы м-н балыкчыны бириктирген 330дан ашуун баштанкы уюму болгон. Бул союзга 4,8 млн *га* аң уулоочу жер, балыгы көп көлмөлөр, суулар бекитилип берилип, аларда аңчылык ж-а балык чарбалары уюштурулган.

Ф. Ф. Кочеров

Бал челекчилер коому. Ыктыярдуу коомдук уюм, 1977-ж. уюшулган. Коомдун максаты: аары асылдандыруу, төөт базасын бөлүштүрүү иштерин жонго салуу, аары чарбасын өнүктүрүүгө ж-а ветеринария жагынан тейлоодо жардам көрсөтүү. 1982-ж. 1-январда 8000 киши коомго мүчө болгон. Үч областтык (Ысык-Көл, Ош, Талас), 15 шаардык, район аралык ж-а райондук ыктыярдуу бөлүмдөрү түзүлгөн.

П. Г. Ткачев

Көөнчулар коому. Ыктыярдуу коомдук уюм. Максаты: респ-када көөн чарбасын өнүктүрүү. 1965-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин чечими боюнча көөнчулардын Аламүдүн р-ндук шериктештигинин (1958-ж. Фрунзе м-н Аламүдүн р-нунун көөн асыроочуларынын биригишинен пайда болгон) базасында уюшулган. 1970-ж. коомдун 3 миңден ашуун мүчөсүн камтыган Фрунзе шаардык, Кант, Чүй, Кемин, Сокулук, Москва ж-а Калинин р-ндук бөлүмдөрү түзүлгөн. Мына ушундан кийин Кыргызстанда көөн чарбасы жапырт өнүктү. Мамлекет көөн асыроочуларга сатуу үчүн аралаш жем ж-а дан төөтүн бөлүп бере баштады. Ош, Ысык-Көл, Талас обл-тарында коомдун бөлүмдөрү уюшулду. 1982-ж. 1-январда Кыргызстанда коомдун 13,5 миңден ашуун көөн багуучуларды бириктирген 58 бөлүмү болгон.

Г. Т. Бреймайер

Китеп достору коому. Респ-када китепти ж. б. басма сөз чыгармаларын пропагандалоону жакшыртууга, эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүүдө аларды активдүү пайдаланууга, китепти калк арасына таратууга коомчулукту тартууга көмөк көрсөтүү максатын көздөгөн массалык коомдук уюм. 1974-ж. 21-июнда уюшулуп, азыр 4 обл., 15 шаардык ж-а 44 райондук бөлүмү иштейт. Коомдо 406 324 адамды бириктирген (1983-ж. 1-янв.) 2672 баштанкы уюму бар. Коомго респ-канын айрым граждандары, о. эле ишкана, мекеме, мектеп, окуу жайлары, кооперациялык, коомдук уюмдар ж-а чыгармачыл союздар (коллективдүү мүчөлөрү) мүчө болушат. 16 жашка толо электен коомдун баштанкы уюмдарына караштуу жаштар секцияларына бириг-ишет.

С. Егиналиев

Автомотоыкыбоздор коому. Автомобиль ж-а мотоцикл ыкыбоздорун бириктирүү, алардын жоопкерчилигин арттыруу ж-а транспорт каражаттарын башкарууда тартипти бекем сактоо, жол жүрүү эрежелерин бузуунун алдын алуу, аларды транспортту башкарууга машыктыруу максатын көздөгөн ыктыярдуу массалык коомдук уюм. 1973-ж. түзүлгөн. 1983-ж. 1-январда 1546 баштанкы уюмунда 90 миң автомотоайдоочулар, 3 миң оспүрүмдөр секциясында 97 миң киши болгон; транспорт айдоочуларды даярдоо б-ча 10 автомобиль мектеби, 50 курсу иштейт. Коомго тиешелүү гараждарды, мастерскойлорду тейлеген 5 дирекция (штатта рында 445 кызматкери) бар.

Е. Атаханов



СЫЙЛЫКТАР ЖАНА АРДАК НААМДАР

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун пред-ли Т. Кулатов Кыргыз ССР эл жазуучусу К. Баялиновго Ардак грамота тапшырууда. 1977.

СССРдин СЫЙЛЫКТАРЫ

Илим ж-а техника, адабият ж-а иск-во тармактарындагы корунуктуу чыгармачылык жетишкендиктери ж-а эмгектеги албан ийгиликтери үчүн кыргызстандык, о. эле Кыргызстандын аймагынан сырткары жашап, аныи иштерине катышы болгон адамдардын бир катары Лениндик, СССР мамлекеттик, о. эле ВЛКСМ сыйлыктарына татыктуу болушкан.

Лениндик сыйлыктын лауреаттары: 1963. Айтматов. Ч. — «Тоолор жана талаалар повесттери» жыйнагы үчүн.

1980. Садыков Т.— «Революциянын каармандарына» эстелиги үчүн.

СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттары: 1947. Волкова А. А.— койлордун брадзот оорусуна каршы вакцинаны тапкандыгы ж-а аны ветеринарияда колдонгондугу үчүн.

1948. Сыдыкбеков Т.— «Биздин замандын кишилери» романы үчүн.

1951. Всяких А. С., Захарьев Н. И., Мельников П. И., Алтыкеев Ч., Стрельникова Ф. А., Бектембаев И., Чернов С. Н., Щелоков П. Т., Чашкин Г. Н.— уйлардын ала-тоо породасын чыгаргандыгы үчүн.

1953. Абдрахимов Т. К., Каширин Ф. Т., Мальцев В. Т., Гапешин А. С., Ковалев А. А., Голубин В. Н., Фрейберг ор А. А., Чайка М. Т., Пантелеев П. Г.— Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү металл кени чыккан жерлерге чалгындоо иштерин жүргүзгондугу ж-а ачкандыгы үчүн.

1968. Айтматов Ч. — «Гүлсарат»» повести үчүн; Дмитриенко Н. И. — жука ж-а жантайыңкы катмарлуу комур кендеринде иште толук механикалаштыруу үчүн жылын жүрмө бекемдегичтердин негизинде КМ 87 жабдуу комплекстерин түзгондугу ж-а колдонгондугу үчүн.

1971. Ильина Л. А.— «Эпелик» ж-а «Кыргызстан жаштары» аттуу гравюралардын сериялары үчүн; Авершин С. Г.— СССРдин шахталарында жарылууларга каршы чаралардын комплексин иштеп чыккандыгы ж-а колдонгондугу үчүн.

1975. Тынаев М.— эмгектеги зор жетишкендиги ж-а прогрессивдүү технологиянын жардамы м-н мал чарбасында жогорку сапаттуу продукцияны алууну кобойтгондугу үчүн.

1976. Молдобасанов К., Сарбагышев У., Токомбаева А., Чокоева Р.— А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. Ленин орденду академиялык опера ж-а балет театрында коюлган «Саманчынын жолу» балет-ораториясы үчүн; Осмонкулов И.— эмгектеги зор жетишкендиктери, жогорку сапаттуу мал чарба продукциясын алгандыгы ж-а аны иштеп чыгарууда прогрессивдүү технологияны колдонгондугу үчүн; Помазков К. Д., Игембердиев С. А., Ставинский В. А., Шкиль И. М., Дорошенко И. И., Павловский Л. К., Малышев С. С., Исаев К., Карасартов А., Мозолёв Н. Л.— Кыргызстандын калай кендүү аймактарынын бирин ачкандыгы ж-а ага чалгындоо иштерин жүргүзгондугу үчүн.

1977. Айтматов Ч. Т., Шамшиев Б., Мусаев М. — «Ак кеме» көркөм фильми үчүн; Айтбаев Б.— эмгектеги зор жетишкендиги, мал чарба өндүрүшүнүн патыйжалуулугун ж-а сапатын жогорулатууда илимий изилдоолордун жыйынтыктарын ж-а алдыңкы тажрыйбаны кеңири колдонгондугу үчүн; Лавская Н. С.— эмгектеги зор жетишкендиги ж-а тейлоо зоналарын кеңейтүүнүн, үнөм режимин камсыз кылуунун негизинде калк керектоочу товарларды чыгарууну көбөйтүү ж-а сапатын жакшыртуу үчүн мелдештеги демилгеси үчүн; Алимов О. Д.— илимий аппараттарды куруу тармагындагы иштери үчүн.

1978. Дегембаева Т.— эмгектеги зор жетишкендиги, прогрессивдүү технологияны ж-а тажрыйбаны пайдаланып, кант кызылчасынан мол түшүм алгандыгы үчүн.

1979. Чойбеков Д. — прогрессивдүү технологиянын жардамы м-н жогорку сапаттуу мал чарба продукциясын алуудагы зор жетишкендиги үчүн.

1980. Мамбетакунов О.— эмгектеги зор жетишкендиги, прогрессивдүү технологияны пайдалануунун, ички резервдерин таап, ишке киргизүүнүн негизинде жогорку сапаттуу кой чарба продукциясын алууну жогорулаткандыгы үчүн; Миррахимов М. М.— жүрөктүн начарлашынын диагнозун алгачкы стадиясында коюу ыкмаларын илимий иштеп чыгып, аның күчөшүнүн механизмин,

оорунуу алдын алуу ж-а дарылоо жолун тапкандыгы үчүн.

1981. Ахметжанов Г. С.— эмгектеги зор жетишкендиги, жаратылыш байлыктарын изилдоодо ж-а колдонууда эмгектин натыйжалуулугун ж-а сапатын жогорулаткандыгы үчүн; Водолазский Е. Ф.— эмгектеги зор жетишкендиги, илимдин жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны ж-а эмгекти уюштыруунун жаңы формаларын колдонуунун негизинде дан өсүмдүктөрүнөн жогорку сапаттагы ж-а туруктуу түшүм алгандыгы үчүн; Акматов Т.— эмгектеги зор жетишкендиги, прогрессивдүү технологияны ж-а ички резервдерди колдонуу м-н мал чарбасынан жогорку сапаттуу мал чарба продукциясын алгандыгы үчүн.

1982. Глушаков П. П., Дүйшөналиев З. Д., Жирков Е. С., Сарбаев Т. С., Фисенко И. П., Чернецов В. А., Жайчыбаев Ж. Ж., Кучеренко П. А., Порадюк А. Ф., Салов И. Д., Синицин И. С., Федоскин И. А., Кожомкулов А. К., Епифанов А. П., Бадыгов А. Н., Курманалиев Н.— Талас ороонундагы жерлерди сугаруу максатында бийик контрфорс бетон плотинаалуу Киров суу сактагычын долбоорлоого ж-а курууга катышкандыгы үчүн.

ВЛКСМ сыйлыгынын лауреаттары. Адабият, искво, журналистика ж-а архитектура б-ча:

1970. Абылкасымова М. — акын, «Эстелик сүйлөйт», «Сен билесиң мени, Мекеним» поэмалары, «Ишенim дайым жүрөктө» ырлар жыйнагы үчүн.

1972. Чокморов С. — киноактёр, советтик адамдардын образын таланттуулук менен жаратқандыгы, жаштарды граждандуулукка, кайраттуулукка тарбиялаган кино чыгармаларды түзүүгө катышкандыгы үчүн.

1976. Миңжылкиев Б. — опера ырчысы, комсомол ырларын активдүү пропагандалаганы үчүн.

1982. Токомбаева С. Г. — акын, «Менин Азиям», «Жылдын бешинчи мезгили» китептери үчүн.

Өндүрүш боюнча (бүткүл союздук соц. мелдеште жогорку көрсөткүчтөрго жетишкендиктери үчүн):

1976. Бацкалев Н. — «Кыргызбурвод» экспедициясының Ысык-Көл партиясының бургулоочу мастери; Мартышева Е.— Фрунзе шаар аралык телефон станциясынын башкы электр механиги; Алыбаев Т.— Кемин р-ндагы «Жаңы-Алыш» к-зунун звеновою; Исмаилбеков А.— Тянь-Шань р-ндагы К. Маркс атн. к-здун көй өстүрүү б-ча «Эдельвейс» комсомол-жаштар бригадасынын бригадири; Юсупов Р.— Кыргызстан кант кызылча тажрыйба-селекция станциясынын машина м-н сүт саап алуу б-ча устаты; Оноприенко Н.— Фрунзе айыл-чарба машинасын куруу з-дунун электр широтүүчүсү; Калманбетов У.— Түп р-ндагы СССРдин 50 жылдыгы атн. к-здун баш чабаны.

1977. Урбаева С.— пан-паавайкана өпөр жайынын Фрунзедеги өндүрүш бирикмесинин жумушчусу; Вернер Ю.— «Кыргыз айыл чарба курулуш» трестинин Ак-Суу механикалаштырылган кочмо колоннасынын жумушчусу; Штро В.— Мамл. айыл-чарба техника комитетинин Сокулук р-ндук бирикмесинин трактөрчүсү.

1978. Атамурзаев М.— СССРдин 50 жылдыгы атн. Майлы-Сай электр лампа з-дунун жумушчусу; Караева К.— Фрунзе Борб. дүр-дүйнө дүкөнүнүн башкы сатуучусу; Акматов К.— Калинин р-ндагы «Путь к коммунизму» к-зунун звеновою; Мальцева Л.— Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинин Сокулук тажрыйба чарбасынын саанчысы; Жумакеева Жыргал — Фрунзедеги 1-Май өндүрүш тигүү бирикмесинин тигүүчүсү; Орозалиев Т.— Баткен р-ндагы «Первомайский» с-зунун жүгөрү өстүрүү б-ча звеновою; Эшимбеков М.— Жети-Өгүз р-ндагы «Ысык-Көл» с-зунун баш чабаны; Кутурбаев О.— «Кыргызавтомаш» өндүрүш бирикмесинин жумушчусу; Абдылдаев Жусуп — Ат-Башы р-ндук айыл чарба техникасынын трактөрчүсү; Фрунзедеги № 17 кесиптик-техникалык окуу жайы.

1980. Мамажанов М.— Ысык-Көл тажрыйба-селекция станциясынын баш чабаны. Асанбеков Б.— «Нарын гидроэлектр курулуш» башкармасынын комсомол-жаштар коллективинин бригадири; Бурылев Б.— «Айнур» з-дунун жумушчусу.

1982. Болотканов К.— Кочкор р-ндагы «Кочкор» асыл тукум кой з-дунун баш чабаны; Хамракулов А.— Мамл. айыл чарба техникасынын Ноокат р-ндук бирикмесинин техник-механиги.

КЫРГЫЗ ССРинин СЫЙЛЫКТАРЫ

Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамлекеттик сыйлыгы. Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйлыгы Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому м-н 1967-ж. белгиленген. Илимди өркүндөтүүдө ири салымдарды кошкон илимий изилдоолорго, а. ч. жаңа о. ж-га прогрессивдүү материалдарды, машина ж-а механизмдерди жаңы жогорку өндүрүмдүү технологиялык процесстерди ойлоп таап, ишке киргизгендерге, эл чарбасында зор мааниси бар алдыңкы өндүрүштүк-техникалык тажрыйбаны калыптандыргандарга, оригиналдуу ж-а үнөмдүү курулуш ж-а техникалык имараттарга, коммунисттик курулуштун маселелерин чечүүгө, экономика ж-а маданиятты андан ары жогорулатууга көмөк берген ж-а коомчулуктун кеңири колдоосуна татыктуу болгон коомдук илимдер б-ча теориялык изилдоолорго, жогорку окуу жайлары, кесиптик орто окуу жайлары ж-а орто мектептер үчүн окуу китептерин жазгандарга, о. эле мелдештин жеңүүчүлөрүнө ыйгарылат.

Кыргыз ССРинин мамл. сыйлыгына коргоозуу укугуна эө илимий, окуу, мамл. ж-а коомдук уюмдар Кыргыз ССРинин мамл. сыйлыктары ж-дегү Жоболорунда көрсөтүлгөн. Сыйлыктын ар биринин өлчөмү 2,5 миң сом; 2 жылда бир жолу ыйгарылат.

Кыргыз ССРинин мамл. сыйлыгын ыйгаруруу Кыргыз ССР мамл. сыйлыктар б-ча комитети жүргүзүп, Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети м-н Кыргыз ССР Министрлер Совети бекитет. Кыргыз ССРинин мамл. сыйлыгына татыктуу болгондорго «Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты» деген наам ыйгарылып, диплом ж-а ардак белги берилет.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1970. Алтымышев А. А.— Дарылоочу жаңы препарат — «ликорини» жасагандыгы үчүн; Ахунбаев И. К., Френкель Л. Г.— «Шок жана коллапс боюнча очерктер» аттуу эмгеги үчүн; Фёдоров П. С.— «Жүгөрүнүн биохимиялык жана физиологиялык гетерозисинин негиздери» деген эмгеги үчүн; Жамгырчинов Б., Зима А. Г., Ильясов С., Каракеев К.-Г., Керимбаев С. К., Кожемяко П. П., Орозалиев К. К., Табышалиев С., Усенбаев К., Шерстобитов В. П.— «Кыргыз ССРинин тарыхы» үчүн (2 том, 3 китептен турат).

1972. Мухин А. Ф., Исхаков А. А., Липчинский Ю. К., Жаворонкин В. Г., Кумыш А. З., Иманалиев Д., Андрусенко В. И., Жмуденко И. Н., Вяткин В. И.— «Пресстелген чоң даярдоочу жогорку өндүрүмдүү машиналардын комплексин түзүү, алардын сериялуу чыгарылышын өздөштүрүү жана эл чарбасында колдонуу» деген эмгек үчүн; Акбаев А., Шкодин Н. Е., Серов В. М.— «Койлордун анаплоцефаллтоз оорусунда карбонат-мышьяктуу кычкыл жеэди жана патрийди антигельминт катарында синтездоо, изилдоо жана колдонуу» деген эмгек үчүн; Хандуев Ц. Ц., Иманов Э. Д., Гусев Б. Н., Вдовина Т. И., Макарова Е. В., Файзуллина С. И.— «Койлордун контагиоздук эктимасына каршы культуралык вирус-вакцина» деген эмгек үчүн.

1974. Друженьков Г. И., Друженькова Е. С., Толомушова Э. Ш., Абакиров С., Жангабылов К. А., Жамгырчиев К., Жамгырчиев А., Омуралиев М.— «Койлордун

тянь-шань породаларын чыгаруу жана чарбаларда жайылтуу» деген эмгеги үчүн; Вальков Ю. С., Морозов Ю. А., Лубин С. А., Мовчан П. С., Титов В. А., Понамарев Б. В., Аванесов Г. И., Симаков К. А., Горшенин Г. А., Ляпин П. Е.— «16Б 25П моделиндеги токардык-винт кесүүчү станокту жасоо, сериялык өндүрүшко таптыруу жана эл чарбасында колдонуу» деген эмгек үчүн; Полякова Н. И., Теплова Е. А., Волобуева Т. Ф., Субанбеков Б., Думлер А. К.— «Жаздык арпанын жана жүгөрүнүн сорттору» деген эмгек үчүн; Кузьминский С. П., Жороев Т., Калманов Ш., Лелеко А. И., Иванов И. М., Бодня В. Ф., Деревягин Г. Д., Кочнев В. В., Сайдуллаев С.— «Кыргызстандын кендеринде эндогендик орттогро каршы чараларды иштеп чыгаруу жана колдонуу» деген эмгек үчүн.

1976. Алимов О. Д., Басов С. А., Волков А. И., Фролов А. Ф., Манжосов В. К., Колодяжный Н. С., Тентиминшев А., Фомин Б. В., Дворников Л. Т., Усубалиев Ж.— бургулоо техникасын илимий негизде эсептоо иштерин жүргүзүү, конструкциялоо ж-а пайдалануу боюнча иштердин цикли үчүн; Авдеев А. И., Бабанин Н. И., Куротченко В. И., Маковский Э. Э., Бочкарев Я. В., Жумашев Ж., Осмонов С., Билик О. А., Халтурин Б. И., Цай М. А.— суу болуштүрүүнү оперативдүү башкарууда комплекстик механизмдерди иштеп чыгаргандыгы ж-а өндүрүшто колдонгондугу үчүн; Акималиев Ж., Азыков К. К., Корнева И. Г., Юсупов Т., Шпиньков И. Ф., Степаненко Г. С., Чмырь П. Я., Зубков Д. П., Роковец С. С., Ивченко В. И., Шевченко В. И.— сугат жерлерде кант кызылчасын өстүрүү ж-а жыйнап алуу системасын иштеп чыгаргандыгы ж-а өндүрүштө колдонгондугу үчүн; Шилов Г. С., Зименко А. Г., Дорошенко Н. И., Усманов У., Крючков А. С., Ухов Д. А., Харченко А. Д., Алиев Я. И., Ибраев Э., Ким В. Ф.— кен байлыктын ө. ж-лык маанисин аныктагандыгы ж-а минерал сырьёнун жаңы түрүн өздөштүргөндүгү үчүн.

1978. Миррахимов М. М.— бийик тоолуу медицина ж-дөгү эмгектердин цикли үчүн; Намазбеков М.— кан тамыр ооруларын диагноздоо жана хирургиялык жол менен дарылоо ыкмаларынын комплекси үчүн; Семиков Ю. Т., Безжон А. А., Глушич В. Д., Немыкин А. Т., Терещенко М. А., Хатиков Н. З., Жигайлова В. И., Пономарев Л. Б., Жумагулов А.— СССРдин 50 жылдыгы атн. Фрунзе электрондук-эсептоо машиналар заводунда башкаруу алгоритмдерин ж-а программаларды жөнгө салууда электрондук-эсептөөчү техника каражаттарын өндүрүшкө берүүнү уюштургандыктары ж-а түзүлүштүк класстарын иштеп чыккандыктары үчүн; Писарской Е. Г., Мозговой А. И., Тэвс А. Я., Афонин А. П., Седов В. Е., Анистратова В. А., Лунев Э. Ф., Майзлер Д. И., Шерматов К., Пономаренко П. С.— сейсмдик райондордо 5 ж-а 9 кабаттуу 105 сериясындагы ири панелдүү үйлөрдү куруунун долбоорун иштеп чыккандыгы ж-а ишке ашыргандыгы үчүн.

1980. Блешинский С. В., Чалова Е. П., Качкымбаева С. А., Осипова Т. П., Бабенко В. Г., Медведев С. А., Довбыш В. С., Николаев В. И., Чирков Г. В.— сейрек жер элементтер сырьёлорун иштеп чыгаруунун жаңы жолдорун тапкандыгы ж-а өндүрүшкө киргизгендиги үчүн; Ли В. В., Сакимбаев А., Соловьева Т. М., Абылгазиев Ж.— тоют даярдоонун жаңы технологиясын иштеп чыккандыгы ж-а аны өндүрүшкө жайылтууну уюштургандыгы үчүн; Осмонбетов К., Камашев Б., Ярушевский Г. А., Чодобаев Б., Василенко В. В., Мусуралиев К., Закиров Ш. С., Галин А. М., Ильин Ю. И., Сүйүнбаев Н. Д.— реси-кадагы курулуш материалдардын жаңы түрү — табигый каптооч таштардын кендерин чалгындаганы ж-а ачкандыгы үчүн; Преображенский П. Е., Зексер Ф. М., Кровяков А. И., Токарь И. В., Карандашев Ю. М., Азриляп М. М., Солощанский В. А., Шамуратов Ж. А., Султамуратов А., Төребаев К.— 500 квтуу Токтогул ГЭСи — Фрунзе бийик тоолуу аба электр линиясын иштеп чыккандыктары ж-а кургандыктары үчүн.

1982. Кайзер А. А., Маматов З. М., Примов Э. Б., Розловский А. А., Шуваев В. Т., Шуклин А. М., Шушпков В. А., Гузаиров Г. С., Батюк А. Г., Усубакунов М.— сурьма өндүрүү технологиясын иштеп чыгышкандыгы жана өндүрүшкө киргизишкендиги үчүн; Ибраев К., Кирюткина А. В., Молтаев Ж. М., Батырканов К., Кожомкулов А., Алишеров С., Маккомбаев А., Сайдахматов Т., Чичерин Б. П., Момупов С. — Баткен ороонун сугаруу үчүн Торт-Күл суу сактагычынын долбоорун иштеп чыгышкандыгы жана курулушу үчүн; Буров А. Г., Головин А. И., Комаров М. И., Крюков М. М., Василенко В. Ф., Гидульян Ю. П., Гейлер М. Х., Кагановнч М. Я., Молчанов Л. А., Түлөбердиев Ж.— капиталдык салымдардын жогорку натыйжалуулугун ж-а отундун сарыталышын төмөндөтүүнү камсыз кыла турган прогрессивдүү техникалык чечимдерди жүзөго ашыруу м-н сейсмикалык райондо Фрунзе ТЭЦинин долбоорун иштеп чыгышкандыгы жана курулушу үчүн; Алымкулов Ж. С., Аманалиев Э. А., Гайнулин Р. И., Козлов В. М., Папычев В. А., Беккер А. А., Головин Ю. В., Гольдник В. Э., Сидранский Л. И. — Фрунзе — «Манас» аэропорту автомобиль жолунун долбоорун иштеп чыгышкандыгы жана курулушу үчүн.

В. А. Афанасьева

Кыргыз ССРинин эмгектеги зор жетишкендиктери үчүн соц. мелдештин жеңүүчүлөрүнө берилчү мамлекеттик сыйлыгы. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети м-н Кыргыз ССР Министрлер Советинин тоқтому б-ча 1976-ж. белгиленген. Өнөр жай ж-а а. ч. өндүрүшүнүн натыйжалуулугун арттырып, иштин сапатын жакшыртқандыгы, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткандыгы ж-а ар жыл сайын соц. мелдеште жеткирген ийгиликтери үчүн эки жылда бир жолу соц. мелдештин жыйынтыктары б-ча ыйгарылат. Сыйлыктын ар бирининн олчому 2,5 миң сом.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1976. Адиев Т.— Ош автобазасынын шоферу; Бирюкова С. Н.— Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. прибор куруу з-дунун бригадири; Жапаров Б.— М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу з-дунун электр шпретүүчүсү; Жунушов К. — Кочкор р-пундагы «Чолпон» с-зунун баш чабаны; Замковая О. И.— Сокулук р-пундагы Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинин саанчысы; Иманалиева С.— Сокулук р-пундагы «Дружба» к-зунун кызылчачысы; Ковач В. И.— Новопавловка ПМКсынын бригадири; Маматов З.— Кадамжай сурьма комбинатынын бригадири; Мамыров А.— Токтогул р-пундагы «Кетмен-Төбө» с-зунун звеновою; Мендигулов Ж.— «Северная» шахтасынын звеновою; Отт М. В.— Талас обл. Калинин атн. к-здун саанчысы; Омененко Г. К.— Рыбачье ПМКсынын экскаваторчусу; Посиченко Л. С.—Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош текстиль комбинатынын түрүүчүсү; Райымкулов И. Д.— № 11 СМУнун бригадири; Султанов К.— Ленин р-пундагы «Коммунизм» к-зунун бригадири; Хубиев Х. Н.— Москва р-пундагы «Дружба» к-зунун баш чабаны.

1978. Акчабаев М.— Ленин р-пундагы Калинин атн. к-здун бригадири; Амандыков С.— Сары-Жаз геологиялык экспедициясынын бригадири; Базарбаев М.— Жалал-Абаддагы штепсель з-дунун бригадири; Батыев Б.— Чүй ПМКсынын бригадири; Бурханов З. А.— слесарь-электр монтаждоочу; Кубатов Т.— Кочкор р-пундагы «Соцкол» с-зунун звеновою; Кулматов И. К.— № 3 курулуш-механикалаштыруу башкармасынын бульдозерчусу; Мойдинов Ж.— Өзгөн р-пундагы «Яссы» с-зунун звеновою; Мундузбаева Ж.— Аламүдүн р-пундагы Ф. А. Стрельникова атп. Мамл. асыл тукум з-дунун саанчысы; Мусабаев М.— Токмок автобазасынын шоферу; Осадчев Н. И.— Ысык-Ата р-пундагы Ленин атн. к-здун звеновою; Подкопаев В. А.— Кант ПМКсынын бригадири; Сагынбаева К.— «Октябрдын 40 жылдыгы» атн. Фрунзе кийим тигүү ф-касынын тигүүчүсү;

Синча С. Д.— Кыргыз бургулоо башкармасынын слесарь-оңдоочусу; Смирнов А. М.— СССРдин 50 жылдыгы атн. Майлы-Сай электр лампа з-дунун наладчиги; Султангазиев А.— Кыргызстан дыйканчылык-илимий өндүрүш бирикмесинин баш чабаны; Тойгонбаев А.— Ноокат р-пундагы Тельман атн. к-здун бригадири; Тынаев Ж.— Оргочор кой чарба тажрыйба станциясынын баш чабаны; Шаболтас Е. М.— М. В. Фрунзе атн. айыл чарба машинасын куруу з-дунун слесарь-аспанчысы.

1980. Адылов М. Ж.— Фрунзе № 1 автопаркынын шоферу; Акматкулова К.— Ленин р-пундагы «Ленин жол» к-зунун бригадири; Вальчук Л. И.— фрезеровщик; Гикал И. П.— Кызыл-Кыя шахта куруу башкармасынын бригадири; Жумашев С.— Нарын ПМКсынын кыш кыноочусу; Загидулин К.— СССРдин 50 жылдыгы атн. Фрунзе ЭВМ з-дунун токары; Калыкулов Э.— Кант р-пундагы МССтин звеновою; Кожогулов С. — Миц-Куштагы «Оргтехника» з-дунун наладчиги; Куртынин И. А.— Ысык-Көл р-пундагы «1-Май» к-зунун бригадири; Маматахунов С.—Өзгөн р-пундагы «Өзгөн» с-зунун звеновою; Мырзабаев Б.— Киров р-пундагы Чолпонбай атн. с-здун баш чабаны; Нурмамбетова Т. М.— Кыргызстан камволнооту комбинатынын жип ийрүүчүсү; Семенов М. Т.— Ысык-Ата р-пундагы Кочкорбаев атн. к-здун бош чабаны; Сопуканов С.— Кочкор р-пундагы «Соцкол» с-зунун сугатчысы; Сыдыкбеков Т.— Ак-Суу р-пундагы «Заря Коммунизма» к-зунун баш чабаны; Таташев С.— «Кыргызнефть» өндүрүш бирикмесинин оператору; Уколов В. А.— «Сельхозремонт» өндүрүш бирикмесинин слесары; Хныков Ю. А.— «Кыргызавтомаш» өндүрүш бирикмесинин кергичи; Цымбалова Л. В.— Сокулук р-пундагы XXI партсъезд атн. к-здун саанчысы; Чамлай И. И.— Кыргыз тоо-металлургиялык комбинатынын жылмалоочусу.

В. А. Афанасьева

Кыргыз ССРинин Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыгы. Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитети м-н Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому б-ча улуу акын-демократ Токтогул Сатылгановдун туулгандыгынын 100 жылдыгына карата 1965-ж. кыргыз ад-ты м-н иск-восун андан ары өнүктүрүү максатында эң мыкты адабият, иск-во ж-а архитектура чыгармалары үчүн ыйгарылуучу сыйлык. Реси-канын уюшулган күнүнө карата 2 жылда бир жолу ыйгарылат. Сыйлыктын ар бирининн олчому 2,5 миң сом.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1967. Абдумомунов Т.— «Сүйүү жана үмүт», «Абийир кечирбейт» пьесалары үчүн; Айтиев Г.— «Чабандар», «Ысык-Көл — кыргыз децизи» сүрөттөрүнө; Рыскулов М.— Кыргыз мамл. Эмгек Кызыл Туу орденүүү академиялык драма театрында коюлган «Атанын тагдыры» спектаклиндеги Акылбектин, «Король Лир» трагедиясындагы Лирдин ролдорун аткаргандыгы үчүн; Виноградов В. С.— «Муратаалы Күроцкеев» деген китеби үчүн; Токомбаев А.— «Таң алдында» романы үчүн.

1970. Малдыбаев А., Власов В. А., Фере В. Г. — «Манас» операсынын музыкасы үчүн; Куттубаев А.— Кыргыз мамл. Ленин орденүүү академиялык опера ж-а балет театрында «Манас» операсын сахналаштыргандыгы үчүн; Бейшеналиева Б.— Кыргыз мамл. Ленин орденүүү академиялык опера ж-а балет театрында коюлган «Асел» балетинде Аселдин партиясын аткаргандыгы үчүн; Кыдыкеева Б.— Кыргыз мамл. Эмгек Кызыл Туу орденүүү академиялык драма театрында коюлган «Үй-бүлө» спектаклинде Мария Александровнанын, «Акылдын азабы» спектаклинде Софьянын, «Саманчынын жолу» кинофильминде Толгонайдын ролдорун аткаргандыгы үчүн.

1978. Маликов К.— «Бийик жерде» драмасы үчүн.

1972. Жумакматов А.— 1969—71-жылдардагы концерттик программалары үчүн; Океев Т., Кыдыралиев К.— «Уркуя» кинофильми үчүн; Чуйков С. А.— «Биздин Кыргыз ССРинде» сүрөт цикли үчүн.

1974. Токтомушев А.— ыр түрүндө жазылган «Алтын Тоо» романы үчүн; Игнатьев А. И.— «Нарын копуролоруу», «Токтогул ГЭСинин капкасы», «Нарын тосулду», «Аскачылар» сүрөттөр цикли үчүн; Абдраев М.— «Эмгек шаңы», «Илиястын баяны» симфониялык поэмалары, үн м-н коштолуучу оркестр үчүн концерти ж-а «Буурулбас союз» кантатасы үчүн; Турсуналиев Э.— 1971—73-жылдардагы концерттик программалары үчүн.

1976. Айтматов Ч. — «Эрте жаздагы турналар» повести үчүн; Миңжылкиев Б. А.— «Борис Годунов» операсында Бористин ролун аткаргандыгы ж-а 1973—76-жылдардагы концерттик программалары үчүн; Ырыскулов Д., Назаров В. И., Жекшенбаев Ш. С., Юсупов А. Ю.— Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейинин архитектурасы ж-а курулушу үчүн.

1980. Умотов Ж.— «Кыргыз мотиви», «Жайлоо», «Жаз маанайы» аттуу жасалга-колдонмо эмгектери үчүн; Умамбеков Б. К., Куделя А. И., Лопатин С. С., Элчибаев Ш., Семёнов А. Г., Чодуров Ж., Серый З. Л. (өлгөндөн кийин), Сыдыков М., Максимов А. М. (өлгөндөн кийин), Козубеков А.— Талас обл-ндагы Токтогул ш. т. посёлкасынын архитектурасы ж-а курулушу үчүн.

1982. Умоталиев Т. — «Тоо гүлдөрү» ырлар жыйнагы үчүн; Садыков Т., Печенкин А. И.— Фрунзе ш-ндагы филармониянын имаратынын алдындагы скульптуралык-архитектуралык комплекс үчүн; Сейталиев Т.— 1981-жылдагы концерттик программасы үчүн; Бейшеналиев Ш.— «Мүйүздүү козу» аттуу китеби үчүн (балдар үчүн чыгармаларга сыйлык).

Т. Козубеков

Илим ж-а техника боюнча Кыргызстан ЛКЖСтин сыйлыгы. Кыргызстан ЛКЖСтин илим ж-а техника б-ча сыйлыгы 1973-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Бюросу тарабынан уюштурулган. 35 жашка чейинки илимий кызматкер, инженер, аспирант, жог. окуу жайларынын окутуучуларына ж-а эл чарба адистерине респ-канын илим ж-а эл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон зор салымдары үчүн ыйгарылат. Сыйлык 2 жылда бир жолу берилет. Сыйлыктын ар бирининн олчому 500 сом.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1973. Ильязов А. И.— рак ооруларынын таралыш өзгөчөлүктөрүн изилдөө ж-а аны дарылоо б-ча иштердин сериясы үчүн.

1975. Токтомушев С. Ж.— атмосфераның жогорку катмарларында кычкылтек атомунун концентрацияларын өлчөө ыкмасын иштеп чыгуу б-ча макалалардын сериясы үчүн; Панков П. С.— операторлук-дифференциалдык ж-а интегро-дифференциалдык теңдемелер ж-дөгү эмгектеринин цикли үчүн.

1977. Акаев А.— «Жылуулук өткөргүчтүктүн көп өлчөмдүү четки маселелерин чыгаруунун жакындаштырылган жаңы методу ж-а аны колдонуу» б-ча эмгектердин цикли үчүн; Жоробеков Ш.— «Гумин кислоталарынын молекулалык түзүлүшүн, химиялык составын, физика-химиялык касиеттерин изилдөө жана аларды тажрыйбада пайдалануунун маселелери» деген эмгеги үчүн; Абдраимов С., Еремьянц В. Э., Мамасандов М. Т., Филиповский В. П., Шевченко Б. А.— механика ж-а машина куруу тармагындагы ил. из. иштеринин цикли үчүн.

1978. Ахунбаев М.— «Фалло тетрадасына чалдыккан ооруларды жүрөк-кан тамыр жана дем алуу системасынын патофизиологиясы» деген эмгеги үчүн; Орозалиев Т.— жашылчаларды ө. ж-лык негизде иштетүүнү камсыз кылуучу селлакалардын тетиктеринин комплексин түзгөндүгү ж-а колдонгондугу үчүн; Раззаков И.— «Кой чарбасын жайытта багуу шартында үлүк жүндүү соолуктарды биринчи уруктандыруунун натыйжалуулугу» деген эмгектеринин цикли үчүн.

1979—80. Бөрүбаев А. А.— «Үзгүлтүксүз чагылдыруунун ар кандай түрлөрүнүн натыйжаларындагы топологиялык мейкиндик класстарынын арасындагы байланыштар жөнүндө» деген эмгектеринин цикли үчүн; Конкобаев К.— «Түштүк Кыргызстандын топонимиясы» деген эмгеги үчүн; Молдогазиева А., Назаров Ф. В., Пулатова З. М., Турсунова Г. А.— «Металл ферменттердин активдүү борборун моделдөөчү жана жаңыбарлардын тиричилик жөндөмдүүлүгүн жогорулатуучу биоло-

гиялык активдүү жаңы көнүлмаларды алуу» деген эмгек үчүн.

Өндүрүш б-ча Кыргызстан ЛКЖСтин сыйлыгы. Комсомолдук-жаштар коллективдерине, жаш жумушчуларга, а. ч. эмгекчилерине, өндүрүш адистерине ж-а өндүрүш уюштуруучуларына бүткүл союздук соц. мелдеште жетишилген ийгиликтери үчүн сыйгарылат. 2 жылда бир жолу берилет. Сыйлыктын ар биринин өлчөмү 500 сом.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1973. Бүткүл союздук эмкиндүү курулуш — Токтогул ГЭСинин аскаларына монтаждоо иштерин жүргүзүүчү комсомолдук-жаштар бригадасына (бригада башчысы Андреев А. И.).

1975. Киров р-ндагы «Бейшеке» к-зунун комсомолдук-жаштар чабандык эвеносу (звено башчысы Мендибеков А.); Чүй р-ндагы Ивановка орто мектебинин окуучуларынын өндүрүштүк бригадасы; Токтогул р-ндагы «Кетмен-Тобо» с-зунун жүгөрүчүлүк б-ча комсомолдук-жаштар бригадасы (бригада башчысы Мамыров А.); Ленин р-ндагы Фрунзе атн. колхоздун пахтачылык б-ча «16 кыз» комсомолдук-жаштар бригадасы (бригада башчысы Акматова А.).

1977. Диков В. Г.— Фрунзедеги үй куруу комбинатынын бетончик комсомол-жаштар бригадасынын бригадири; Бакирдинова А. К.— Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын токуучусу; Ильина Т. Н.— Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош текстиль комбинатынын токуучусу; Самсалиева Г.— Ысык-Көл обл-ның Түп р-ндагы механизатор комсомол-жаштар бригадасынын бригадири; Токоев А.— Фрунзе автомобиль кураштыруу заводунун пиретүүчүсү; Чоконов Т.— Нарын обл-ның Кочкор р-ндагы «Коммунизм» с-зунун чабаны; Ленин р-ндагы «Коммунизм» к-зунун пахтачылык б-ча «Гүлкайыр» комсомол-жаштар бригадасы (бригада башчысы Абдукаимова М.).

1978. Атяжкина Т.— Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинин Стрельникова атн. мамл. асыл тукум заводунун саапчысы; Жамалдинова А. — Октябрдын 40 жылдыгы атн. фабриканын тигүүчү-мотористи; Ишпалиев Ж. — Тянь-Шань р-ндагы К. Маркс атн. к-здун баш чабаны.

1979. Абылова Б.— Кара-Суу р-ндагы Фрунзе атн. к-здун Кызгалдак комсомолдук-жаштар бригадасынын бригадири; Нарматов Б.— Чаткал р-ндагы Канышкыя с-зунун баш чабаны. *А. Жүнүшов*

Адабият, иск-во, архитектура ж-а журналистика б-ча Кыргызстан ЛКЖСтин сыйлыгы. Жаш жазуучулардын, композиторлордун, сүрөтчүлөрдүн, архитекторлордун, журналисттердин, театр, кино кызматкерлеринин сов. чындыкты ж-а коммунизмдин куруучусу болгон замандаштарыбыздын образдарын чебер, таасын чагылдырган идеялык-көркөмдүк деңгээли жогору чыгармаларды түзүүдө чыгармачылык ишмердигин күчөтүү максатында 1967-ж. уюшулган.

Алгач ар бири 1000 сомдон 3 сыйлык белгилеңген, 1968-жылдан ар бири 500 сомдон 5 сыйлык берилет. Сыйлык чыгармачыл кызматкерлерге жашына карабастан 2 жылда бир жолу сыйгарылат.

Сыйлыкка татыктуу болгондор:

1967. Осмонов А. (олгондон кийин) — ырлар жыйнагы үчүн; Садыков Т.— «Дирижёр», «Элечекчен аял», «Жылкычы» скульптуралары үчүн; Океев Т., Өмүркулов К., Кыдыралиев К. — «Бакайдын жайлыты» фильми үчүн.

1968—69. Шамшиев Б.— «Караш-Караш окуясы» көркөм фильми үчүн; Абдыкаликов Ж.— «Ак толкундар» ырлар жыйнагы үчүн; Кожомбердиев Т.— «Кызыл алма», «Таңкы симфония» ырлар жыйнактары үчүн; Жумабаев Б.— живопись сүрөттөрүнүн цикли үчүн; Токомбаева А.— балет спектаклдерде башкы партияларды аткаргандыгы үчүн.

1970. Жангазиев М.— «Балдар — менин өмүрүм» аттуу ырлар жыйнагы үчүн; Мицкылкиев Б.— опералык спектаклдерде башкы партияларды аткаргандыгы үчүн; Кузовкин Г.— жаштар ж-дө графикалык сүрөттөрдүн цикли үчүн.

1973—74. Малдыбаева Ж. — «Симфониялык оркестр үчүн поэма», «Фортепиано үчүн соната», «Симфониетта» үчүн; Жусупов К.— «Ыр сабындагы өмүр» аттуу повести үчүн; Стамов А.— «Жаңы туган» повести үчүн; Сартбаева К.— 1973—74-жылдардагы концерттик программасы үчүн; Фрунзедеги Кычан Жакыпов атн. пионерлер ж-а окуучулар дворецинин ыр ж-а бий ансамбли — 1973—74-жылдардагы концерттик программасы үчүн; Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын комузчулар ансамбли — 1973—74-жылдардагы концерттик программасы үчүн; «Фрунзе шаар долбоорлоо» ин-тунун архитекторлорунун автордук коллективи — Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн башкы павильонунун долбоору үчүн.

1975—76. Базарбаев Ч.— К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу», А. Хачатуряндын «Спартак», Ж. Адандын «Жизель» балеттериндеги башкы партияларды аткаргандыгы үчүн; Рыскулов И. — М. Горькийдин «Түпкүрдө» спектаклинин режиссурасы үчүн; Колесников Е.— «Айдагы атчан» китеби үчүн; Асранкулов А.— «Металлург Төшөевдин портрети», «Тыт жыгачын бутоо», «Тамеки таңгактоочулар» сүрөттөрү үчүн; Ош мамл. педагогика ин-тунун хор капелласы — аткаруучулук чеберчилиги үчүн; Видугирис А., Жыргалбаев М.— «Күн тынчсызданган жыл» документ фильми үчүн.

1977—78. Касымов Э.— опералык спектаклдерде башкы ролдорду аткаргандыгы ж-а сов. композиторлордун ырларын жаштар арасында пропагандалагандыгы үчүн; Респ-калык атайын музыкалык орто мектеп-интернатынын балдар хорупа — 1977—78-жылдардагы концерттик программасы үчүн; Үсөнбаев З.— 1977—78-жылдардагы концерттик программасы үчүн; Жакшылыков А.— «Улуу ташке», «Бейшил көктөм» ырлар жыйнактары ж-а кыргыз совет адабиятын жаштар арасында пропагандалагаңы үчүн; Каменский А.— Фрунзе ш-ның түш. четиндеги «Эмгек, маданият жана илим окулдорунун салтанаттуу жүрүшү» мозаикалуу рельефин түзгөндүгү, Фрунзедеги никелешүү дворецинин, Шубин атн. Фрунзе музыкалык мектебинин көркөм жасалгасы үчүн.

1979—80. Мамытов Ж.— «Башат жана Мухит», «Аспирет» поэмалары, мультипликациялык фильм «Олокондун» сценарийи, «Түркүк эненин балдары» жомок-пьесасы, «Склалеб сарсанаасы» ырлар цикли, «Буурул таңдын жомогу» жомок-поэмасы үчүн; Күмүшалиева С.— чыгармачыл жаштарды тарбиялоо ишиндеги зор салымы үчүн, Г. Лорканын «Бернарда Альбанын үйү» спектаклинен Мария Хасефанын, Т. Абдумомуновдун «Жарыктык карыларым» спектаклинен Уполдун образдарын жогорку деңгээлде түзгөндүгү үчүн; Жумабаев Э.— «Майрамдык увертюрасы», оркестр үчүн «Жомок» поэмасы үчүн, А. Кыдырназаровдун «Кыргыз кочу», Ныязалынын «Кер толгоо», Ы. Тумановдун «Кыргал күн» күүлөрүн оркестрлештиргендиги үчүн; Казаков Т.— 1979—80-жылдардагы концерттик программасы үчүн, «Эстелик», «Жолдор», «Жамгыр», «Шумкар», «Насыйкат» ырлардын циклин түзгөндүгү үчүн; Фрунзе мамл. циркинин коллективи — «Ала-Тоо жаңылыгы» программасы, аткаруучулук жогорку чеберчилиги ж-а цирк өнөрүн кеңири пропагандалагандыгы үчүн.

СССРдин АРДАК НААМДАРЫ

СССРдин эл артисттери: 1939. Малдыбаев Абдылас; 1958. Бейшеналиева Бүбүсара, Кийизбаева Сайра, Рыскулов Муратбек; 1967. Күйүкова Даркул, Мырзабаев Артык; 1970. Кыдыкеева Бакен; 1976. Жумакматов Асанбек, Мицкылкиев Болот; 1979. Молдобасанов Калый; 1980. Сартбаева Кайыргүл; 1981. Токомбаева Айсулу, Чокморов Суймонкул; 1982. Базарбаев Чолпонбек.

СССР эл сүрөтчүлөрү: 1963. Чуйков Семён Афанасьевич; 1967. Арефьев Анатолий Васильевич; 1971. Айтиев Гапар.

СССР эл мугалими: 1980. Үтүров Жаманкул.

Д. Абдукаримов

КЫРГЫЗ ССРинин АРДАК НААМДАРЫ

Кыргыз ССРинин ардак наамдары Кыргыз ССРинин мамл., чарбалык ж-а маданий курулушунда артыкча эмгек сиңирген адамдарга Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму ыйгарат. Кыргыз ССРинин ардак наамдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин, министерстволорунун ж-а ведомстволорунун, коомдук уюмдарынын сунушу б-ча ыйгарылат. Ардак наамды ыйгаруу ж-догу отунучту Министрлер Советине, министерстволорго ж-а ведомстволорго, реси-калык коомдук уюмдарга эл депутаттар советтеринин аткаруу комитеттери, партиялык, профсоюздук ж-а башка коомдук уюмдар сунуш кыла алышат.

Кыргыз ССР эл жазуучулары. 1968. Айтматов Чыңгыз, Баялинов Касымалы, Жантошев Касымалы, Сыдыкбеков Түгөлбай.

Кыргыз ССР эл акындары. 1945. Токомбаев Аалы; 1968. Үмөталиев Төмиркул; 1969. Маликов Кубанычбек; 1972. Токтомушев Абдрасул; 1974. Эралиев Сүйүнбай, Шиваза Ясыр; 1981. Абылкасымова Майрамкан, Адышева Тенти, Жангазиев Муса, Жусуев Сооронбай.

Кыргыз ССР эл сүрөтчүлөрү. 1944. Чуйков Семён Афанасьевич; 1954. Айтиев Гапар, Мануйлова Ольга Максимилиановна; 1959. Арефьев Анатолий Васильевич; 1963. Ильина Лидия Александровна; 1966. Игнатьев Александр Илларионович; 1975. Михалёв Андрей Николаевич; 1978. Садыков Тургунбай; 1979. Үмөтов Жумабай.

Кыргыз ССР эл артисттери. 1935. Орозов Карамолдо, 1939. Акыев Калык, Боталиев Ашыралы, Каралаев Саякбай, Куттубаева Анвар, Күрөңкөев Мураталы, Мусулманкулов Молдобасан, Огомбаев Атай, Үсөнбаев Алымкул, Эшимбеков Касымалы; 1940. Моминова Разияхан, Термечиков Шаршен, Хасанова Тажихан; 1942. Болобалаев Осмонкул, Кийизбаева Сайра; 1943. Баетов Муса; 1944. Целиковский Василий Васильевич, Шубин Петр Фёдорович; 1946. Власов Владимир Александрович, Куттубаев Аманкул, Махмутова Мариям, Фере Владимир Георгиевич; 1947. Мустаева Майнур; 1950. Казаков Вячеслав Фёдорович; 1951. Кулешов Александр Фёдорович, Рыскулов Муратбек, Туманов Ыбрай; 1953. Манвидова Лайлихан; 1954. Бейшеналиева Бүбүсара, Өмүрканова Мыскал; 1955. Кыдыкеева Бакен; 1957. Түмөнбаев Шамшы; 1958. Боровчиев Ысмайыл, Васильев Владимир Яковлевич, Гурьева Клавдия Александровна, Жаманов Сыдыкбек, Күйүкова Даркул, Токтоналиев Сейдакмат, Чодронов Кыдырбек, Шабданбаев Токтонаалы; 1961. Раухвергер Михаил Рафаилович; 1962. Мырзабаев Артык; 1964. Жумабаев Асек, Күмүшалиева Сабира; 1967. Деркембаева Ирина Григорьевна, Жанкорозова Алиман, Каркоцкий Григорий Григорьевич, Кобогонов Абдашым, Кытаев Насыр, Сарбагышев Уран Отунчиевич, Чокоева Рейна Нурманбетовна, Юсупов Султан, Ясиновский Леонид Лазаревич; 1969. Жумакматов Асанкан, Эсмбаев Махмуд; 1970. Балкыбекова Сайрагүл, Офицеров Виктор Семёнович, Турсуналиев Эстебес; 1972. Сейталиев Токтоналы; 1973. Бекмуратова Салима, Медетбеков Капар, Мицкылкиев Болот Абдуллаевич, Мухтаров Хусейин, Шералиев Жумамүдүн; 1974. Абдраев Мукаш, Давлесов Насыр, Далбаев Сатыбалды, Молдобасанов Калый, Салиева Турсунхан, Сартбаева Кайыргүл, Светланов Евгений Фёдорович; 1975. Моисеев Игорь Александрович, Океев Толомуш, Токомбаева Айсулу Асанбековна, Чокморов Суймонкул, Шамшиев Болот; 1976. Варнавских Тамара Александровна, Молчанова Елена Алексеевна, Стрыпкина Мария Сергеевна, Темирбеков Марлен Боталиевич, Түгөлов Нурдин Сооронбаевич; 1977. Дулатова Гулшара, Жумадылов Советбек, Өмүралиев Асанбек, Сейдахматова Жамал; 1979. Алиев Бакирдин, Мамытбеков Эсен, Нематов Нематжан; 1980. Базарбаев Чолпонбек, Ырсалиев А.; 1983. Жалгасынова Д.

Ардак наамдар (1980)

	Белгиленген жылы	Наамды алгандардын саны
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти	1939	216
Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген иштери	1939	93
Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген иштери	1940	64
Кыргыз ССРинин дыйканчылыкка эмгек сиңирген устаты	1940	88
Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты	1940	258
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы	1940	188
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими	1940	354
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген ветеринар врачы	1947	38
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген зоотехниги	1947	51
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген агроному	1951	41
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген ирригатору	1951	38
Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген кызматкери	1954	144
Кыргыз ССРинин кесипчилик-техникалык билим берүүдө эмгек сиңирген кызматкери	1956	37
Кыргыз ССРинин айыл чарбага эмгек сиңирген механизатору	1957	32
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген жерчиси	1958	6
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген өйлөп чыгаруучусу	1960	17
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген рационализатору	1960	89
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген куруучусу	1961	101
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген байланышчысы	1965	27
Кыргыз ССРинин транспортко эмгек сиңирген кызматкери	1966	55
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти	1966	29
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген юристи	1966	36
Кыргыз ССРинин геология кызматына эмгек сиңирген кызматкери	1970	13
Кыргыз ССРинин соода жана тиричилик жаатан тейлоого эмгек сиңирген кызматкери	1970	34
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген архитектору	1970	10
Кыргыз ССРинин өнөр жайга эмгек сиңирген кызматкери	1970	28
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген шахтёру	1970	21
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген энергетиги	1970	14
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген төкөй өстүрүүчүсү	1975	6
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген коллективи	1978	1

МААНИЛҮҮ ТАРЫХЫЙ ОКУУЛАРДЫН ХРОНОЛОГИЯСЫ

Мындан 400 миң жыл мурун.	— таш дооруна таандык байыркы эстеликтер Тянь-Шандан табылган.
В. э. ч. 3-миң жылдыктын аягы — 2-миң жылдыктын башы	— азыркы Кыргызстандын аймагына жездин, кийин колонун таралышы.
В. э. ч. 7—5-к.	— Бүткүл О. Азияда темирдин таралышы.
В. э. ч. 7—3-к.	— Тянь-Шандагы сак уруулуларынын союзу.
В. э. ч. 2-к.— б. э. 6-к.	— Тянь-Шандагы усун уруулуларынын союзу.
В. э. ч. 201—1-ж.	— Енисей кыргыздары ж-дө биринчи жазуу маалыматтары.
В. э. 5-к.	— Согулардын Жети-Сууну колониялай башташи.
552	— Түрк каганды гынын түзүлүшү.
581	— Түрк каганды гынын Чыгыш ж-а Батыш болүккө болүнүшү.
8—9-к.	— Карлук каганды гы.
10—11-к.	— Чүй өрөөнүндө исламдын тарай башташы.
745	— Кыргыздар м-н уйгурлардын чыгыш түрк каганды гын талкалашы ж-а Уйгур каганды гынын түзүлүшү.
840—847	— Енисей кыргыздарынын соккусу алдында Уйгур каганды гынын болүнүшү, алгачкы кыргыз мамлекетинин кеңейиши.
10—12-к.	— Тянь-Шандагы Караханилер мамлекети. Бурана мунарасынын, Шах-Фазил күмбөзүнүн, Өзгөн архитектуралык комплексинин курулушу.
1072—73	— Махмуд Кашгари «Дивани лугат ит-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү») сөздүгүн түзгөн.
1096	— Кожо Юсуп Баласагуни «Кутадгу билиг» — «Бакыт табуу жасми» китебин жазган.
1211	— Тянь-Шанда монгол-найман ханы Күчлүктүн бийлигинин орношу.
1218—19	— Чыңгызхандын колунун Тянь-Шанды басып кириши ж-а Тянь-Шанда монгол бийлигинин орношу.
1269	— О. Азия феодалдарынын Таласта өткөн курултайы.
13-к-дын 2-жарымы — 14-к-дын ортосу	— Администрациялык-саясий борбору Чүй-Или дарыяларынын аралыгынан орун алган Чыгыш О. Азия мамлекети.
14-к-дын ортосу	— Моголстан мамлекетинин түзүлүшү.
1370—1430	— Моголстан өлдөрүнүн Темирдин ж-а Темир түкүмдарынын басып кирүүнө каршы күрөшү.
1484—1504	— Ахмед-хандын Кыргыз улус-хандыгындагы бийлиги.
15-к-дын аягы — 16-к-дын башы	— Кыргыз элинин калыптанышы.
15-к-дын 2-жарымы — 16-к.	— Кыргыздардын монгол феодалдарына каршы күрөшү.
1510—24	— Эмир Мухаммед-Кыргыздын Тянь-Шандагы бийлиги.
16-к-дын 1-жарымы	— Сейф-ад-дин Ахсикентинин «Мажму-ат-таварихинде» («Тарыхтар жыйнагында») «Манас» эпосунун сюжетинин кара соз м-н биринчи жолу жазылышы.
1635—1755	— Кыргыздардын калмак (ойрот, жунгар) феодалдарына каршы күрөшү.
1636	— Кыргыздардын айрым бөлүгүнүн Тянь-Шандан Памир-Алайга көчүшү.
1755—58	— Цин империясынын Чыгыш Түркстандагы ойрот мамлекетин талкалашы.
18-к-дын 2-жарымы	— Кыргыздардын айрым бөлүгүнүн Памир-Алай ж-а Чыгыш Түркстандан Тянь-Шанга кайтып, Кыргызстандын түндүгүнө отурукташуусу.
1762	— Россияда алгачкы жолу Тянь-Шань кыргыздары ж-дө маалымат берген П. И. Рычковдун — «Оренбург топографиясы...» жарык көргөн. Ош ш-н Кокон феодалдарынын басып алышы.
1770	— Кашак ханы Аблайдын Кыргызстандын түн. райондоруна басып кириши.
1785—89	— Чүй өрөөнүнүн чыгышы м-н Чүй суусунун башындагы көчмөн кыргыздардын Россиядан колдоо сураган өлчилигинин Петербургга алгач барышы.
1813	— Ысык-Көлдүн чыгышындагы кыргыздардын өлчилигинин Тобольскидеги орус бийлигине барышы.
1817—31	— Кокон хандыгынын кыргыздарга каршы басып алуучулук жортуулдары.
1821	— Талас кыргыздары м-н Сыр-Дарыя казактарынын Кокон феодалдарына каршы чыгышы.
1824	— Ысык-Көл кыргыздарынын өлчилигинин Россиянын букаралыгына өтүү өтүнүчү м-н Батыш Сибирдеги орус бийлигине барышы.
1825	— Чүй өрөөнүндө кокондуктар Пишпек чобин негиздеген.
19-к-дын 30-жылдары	— Нарын кыргыздарынын Тайлак баатырдын жетекчилиги м-н Кокон феодалдарынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү.
1842—43	— Түн. Кыргызстандагы бир топ уруулардын хан бийлигине каршы көтөрүлүшү, кокондуктардын Ысык-Көлдөгү чептерден куулушу.
1845	— Ош кыргыздарынын Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү.
1845—47-жылдын аягы	— Кыргыз элинин Кенесары Касымовдун феод.-монархиялык агрессиясына каршы күрөшү ж-а аны талкалашы.
1847	— Чүй өрөөнүнүн, Борб. Тянь-Шандын ж-а Ысык-Көлдүн кыргыздарынын орус бийлигинин букаралыгына өтүүнү суранышы.
1855, 17-янв.	— Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндөгү кыргыздардын орус букаралыгына өтүүсү.
1856, май — июнь	— Ч. Валихановдун Ысык-Көлгө келиши ж-а «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн алгач жазып алышы.
1856—57	— П. П. Семёновдун (Орус географиялык коомунун жардамы м-н) Ысык-Көлгө ж-а Түн. Тянь-Шанга саякат жасашы.
1857	— Кыргыздар м-н казактардын биргелешип Кокон феодалдарынын эзүүсүнө каршы чыгышы ж-а Олуя-Ата (азыркы Жамбыл) ш-н басып алышы.
1858	— Түш. кыргыздардын Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү. Алардын Маргаланды алышы. Кыргыздар м-н казактардын Ташкенден Чүй суусуна чейинки аймакта биргелешип чыгуулары.
1860, авг. — сент.	— Чүй кыргыздарынын жардамы м-н орус аскерлеринин Токмок ж-а Пишпек чептерин алышы.
1862, 24-окт.	— Орус аскерлери кыргыз отряддары м-н бирдикте Пишпек чобин экинчи жолу алышы.
1863, 13-окт.	— Ак-Сай ж-а Чатыр-Көл кыргыздарынын Россияга кошулгандыгы тууралуу акт бериши.
1864, май	— Орустар тарабынан Токмок чобинин негизделиши.
1864, июнь — дек.	— Чаткал ж-а Нарын кыргыздарынын Россиянын букаралыгын кабыл алышы. Кыргызстандын түндүгүндө падышалык Россиянын бийлигинин биротоло орношу.
1865, 12-февр.	— Курамына Кыргызстандын түндүгү кирген Түркстан обл-ный уюшулушу (1867-жылдан Түркстан генерал-губернаторлугу деп аталган).
1867	— Алай кыргыздарынын Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү.
1868	— В. В. Радловдун Чүй өрөөнү м-н Ысык-Көлгө сапкаты ж-а «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн жазып алышы.
19-к-дын 60 — 80-ж.	— Орус дыйкандарынын Кыргызстанга көчүп келишинин башталышы ж-а Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдө бир катар кыштактарды негиздеши.
1869	— Каракол ш-ның негизделиши (1889-ж. 11-марттан Пржевальск).
1869—70	— В. В. Верещагиндин Кыргызстанга келиши, анын Кыргызстандын жаратылышын, элинин турмуш-тиричилигин чагылдырган чыгармаларынын жаралышы.
1874	— Караколдо Кыргызстандагы алгач башталгыч мектептин ачылышы.
1871	— А. П. Федченконун Түш. Кыргызстанга экспедициясы.
1873, янв.	— Түш. кыргыздардын орус букаралыгына өтүү ж-дө кайрылуусу.
1873—76	— Кыргыз, өзбек ж. б. өлдөрдүн хандык-феод. эзүүлөрго ж-а орус падышачылыгынын согуш экспансиясына каршы көтөрүлүшү.
1876, 19-февр.	— Кокон хандыгынын жоюлушу ж-а Фергана обл-ный түзүлүшү. Түш. Кыргызстандын Россиянын составына кириши.
1877, дек. — 1883	— Дунгандардын ж-а уйгурлардын Кыргызстанга көчүп келиши.

1878, 26-апр. — майдын башы	— Пишпек кыштагы Токмок уездинин (кийин Пишпек уездинин) борбор шаарына айланган.
1879, 31-окт.	— Пишпекте башталгыч мектеп ачылган.
1885, 21-янв.	— Пишпекте М. В. Фрунзе — Коммунистик партиянын коруктуучу ишмери, Кызыл Армиянын таланттуу кол башчысы туулган.
1887, 15-янв.	— Ошто Кыргызстанда биринчи болуп орус-тузем мектебинин ачылышы.
1888, 1-окт.	— Пржевальск айыл чарба мектебинин ачылышы.
1889	— Пишпекте багбанчылык мектебинин ачылышы, 1894-жылдан айыл чарба мектеби деп аталган.
1894	— Ысык-Көлдүн чыгыш жээгинде Н. М. Пржевальскийдин эстелигинин ачылышы.
1898, 17-май — июнь	— Анжиян көтөрүлүшү.
1898—99	— Кызыл-Кыя көмүр кенинин ачылышы.
1900	— Чүй өрөөнүндө (Таш-Тобо) ж-а Ысык-Көлдө (Боз-Учук) өлдүү пункттардын негизделиши.
1902, май	— Пржевальскиде Кыргызстандагы алгач өлдик китепкананын ачылышы.
1903, декабрдын башы	— В. И. Ленинер тарабынан Пишпек м-н Пржевальскиде өкмөткө каршы жашырын китептердин таратылышы.
1905, жаз	— Түн. Кыргызстандын болуштуктарында дыйкандардын бай-манаптарга ж-а падыша бийлигине каршы чыгуулары. Кызыл-Кыя кенчилеринин иш таштоосу.
1905—12	— Пишпектеги с.-д. ийримдердин ишмердиги.
1905, ноябрь	— Кызыл-Кыя ж-а Сулуктү жумушчуларынын толкундоолору.
1905, 6-авг., 22-окт., 8-ноябрь	— Пишпек өмгекчилеринин ж-а жайгаштырылбаган кеңирдектин митингилери.
1906—07, янв.	— Ош социал-демократтарынын пропагандалык ишмери.
1908—11	— Скобелев (Фергана) станциясынан Кызыл-Кыяга ж-а Драгомиров (Пролетарск) станциясынан Сулуктуга чейин эни куш темир жолдун курулушу.
1910—17	— Чүй өрөөнүндө сугат системасын изилдөө ж-а алардын курулушун баштоо.
1912, 6-февр., 9-апр., окт.	— Кызыл-Кыя кенчилеринин иш таштоолору.
1912, 12-дек.	— Кыргызстандын орто билим берүүчү алгачкы окуу жайы — Пишпек өркестер гимназиясынын ачылышы.
1913, март	— Кыргызстандагы алгачкы мезгилдүү басма соз — «Пржевальский сельский хозяин» журналынын чыгышы.
1914, 21—22-июль	— Пишпек запас полкунун толкундоолору.
1915, май	— Гүрүнч-Мазар — Жалал-Абад темир жолунун ачылышы.
1916, 25-июнь	— О. Азиянын жерг. өлдөрүн оорук жумуштарына алуу ж-дө падыша өкмөтүнүн указы.
1916, 17-июль	— Аскер-оорук жумуштарына баруудан баш тартууга байланыштуу Түркстанда соңгуттук абалдын кирилиши.
1916, июль — окт.	— Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүш ж-а аны падыша аскерлери тарабынан басылышы.
1917, 27-февр.	— Февр. буржуазиялык демокр. рев-лсы. Падышачылыктын кулатылышы.
1917, 5-март	— Кызыл-Кыяда Жумушчу депутаттар советинин шайланышы.
1917, март	— Сулуктү кенинде с.-д. топтун уюшулушу. Пишпек, Ош ж-а Пржевальскидеги түрмөлөрдөн саясий камактагыларды бошотуу; Кыргызстандын Пишпек, Пржевальск, Ош ж. б. жерлеринде алгачкы Жумушчу ж-а солдат депутаттар советтеринин пайда болушу.
1917, 17-апр.	— Пишпекте РСДРПнин биримкен тобунун түзүлүшү.
1917, апр.	— Пишпекте «Жумушчу жана кол өнөрчүлөр союзунун» түзүлүшү.
1917, 17-май	— Пишпекте «Букара» демокр. союзунун уюшулушу.
1917, май	— Ошто РСДРПнин биримкен тобунун түзүлүшү.
1917, 23-июнь	— Пишпектеги аскерге жөнөтүү пунктунда фронтко баратkан солдаттардын толкундоолору.
1917, 21-авг.	— Ошто «Мусулман жумушчулар менен чайрыкерлер союзунун» түзүлүшү; 31-августта ал Ош жумушчу ж-а солдат депутаттар совети менен биримкен.
1917, 1—2-сент.	— Түркстанда Кызыл-Кыя ж-а Сулуктү большевиктеринин активдүү катышуусу м-н «Горнорабочий» профсоюзунун түзүлүшү.
1917, 9—10-сент.	— Пишпекте «Букара» союзунун съезди откон.
1917, 25-окт. (7-ноябрь)	— Петроградда Улуу Окт. соц. рев-лсынын жеңиши.
1917, окт.	— Чүй сугат курулушунда ж-а Пишпекте большевиктик топтордун уюшулушу.
1917, 20-ноябрь	— РСФСР ЭКСинин «Россиянын жана Чыгыштын бардык өмгенчи мусулмандарына» кайрылуусу.
1917, ноябрь	— Сулуктү м-н Кызыл-Кыяда Совет бийлигинин орнотулушу.
1917, 31-дек.	— Пишпек өмгенчилери м-н солдаттарынын митингиси. Элдик комиссардар ж-а «31-декабрь коомунун» («Совет бийлигин жактоочулардын коому») түзүлүшү.
1917, дек.	— Пржевальскиде большевиктик топтун пайда болушу.
1918, 14-янв.	— Пишпек аскер-төлөк комитетинин ачарчылыкка дуушар болгон кыргыздарга жардам көрсөтүү жөнүндө токтому.
1918, янв.	— Ош ш-нда ж-а Ош уездинде Совет бийлигинин орнотулушу.
1918, 1-февр.	— Токмокто Кызыл Гвардия отрядынын түзүлүшү.
1918, 11-февр.	— Пишпек советтеринин уезддик съезди; анда шаар м-н уездде Совет бийлигинин орногону бекитилген.
1918, 18-февр.	— Ош советтеринин уездник I-съезди.
1918, 19—22-февр.	— Контррев-ячыл «Кокон автономиясынын» талкаланышы.
1918, 5-март	— Пишпекте Кызыл Гвардия батальонунун түзүлүшү, кийин ал Советтик I-Пишпек полкуна айланган.
1918, 9-март	— Эл депутаттарынын Пишпек уездник советинин органы — «Пишпекский листок» газетасынын алгачкы саны чыгышы. Түркстан крайынын ЭКСи нефти ж-а таш көмүр өнөр жайын, а. к. Кызыл-Кыя ж-а Сулуктү көмүр кендерин мамлекеттештирүү ж-дө декрет кабыл алган.
1918, март	— Ошто большевиктик уюм калыптанган.
1918, 2-апр.	— Пишпек большевиктеринин үюмдаштыруу чогулушу башында А. И. Иваницын турган шаардык партиялык комитетти шайлаган.
1918, 8-апр.	— Нарын участкасынын Солдат ж-а мусулман депутаттар советинин съезди. Эл депутаттар советинин жаңы аткомун шайлаган.
1918, 20-апр. — 1-май	— Түркстан советтеринин крайлык 5-съездинде Түркстан АССРинин жарыяланышы.
1918, 17-май	— РСФСР ЭКСинин Түркстандын сугат иштерине ж-а ал иштерди уюштурууга 50 млн сом болуштурүү ж-дөгү декрети.
1918, май — июнь	— Пржевальск ш-нда ж-а Пржевальск уездинде Совет бийлигинин орнотулушу.
1918, 6-июнь	— Ак казак орустардын Синьцзяндан Пржевальск ж-а Жаркент уезддеринде басып кириши.
1918, 17—25-июнь	— Түркстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын I-съезди.
1918, 26-июнь	— Пржевальск уездник советтеринин съезди ачылып, уездник атком шайланган.
1918, 1-июль	— Ак-Суу ж-а Токмок большевиктик топторунун уюмдаштыруу жактан калыптанышы.
1918, 9-июль	— Пржевальскидеги большевиктик топ калыптанып, председателдигине П. Д. Гречко шайланган.
1918, 15-авг.	— Пржевальскиде «Голос пролетариата» газетасынын биринчи саны чыккан.
1918, 29-авг.	— Талас өрөөнүнүн Дмитриевка кыштагындагы контррев-ячыл көзөлөлөр.
1918, май	— Мадаминбектин басмачы топторуна каршы күрөш.
1918, 4-сент.	— Пишпек жумушчу, дыйкан ж-а мусулман депутаттар советтеринин уездник съездн ачылып, анда жер-суу комитеттерин уюштуруу, азык-түлүк ишин жакшыртуу, жерди пайдаланууну оңуттуруу, соода ж-а ө. ж. уюштуруу, армияны кайрадан уюштуруу, о. эле элге билим берүү ж-а саламаттык сактоо маселелери каралган.
1918, 10—11-сент.	— Советтик I-Пишпек полку Жети-Суу фронтуна жиберилген.
1918, 5—15-окт.	— Түркстан АССР советтеринин чукул чакырылган 6-съездинде Түркстан АССРинин Конституциясы кабыл алынган.
1918, 1—3-дек.	— Пишпек уездник партиялык I-конф-сы, А. И. Иваницын башында турган уездник-шаардык партиялык комитет шайланган.
1918, 6—28-дек.	— Ак-Суу кыштагындагы кулак-ак гвардиячылар көзөлөлөңу ж-а аны талкаланышы.
1918, 17—29-дек.	— Түркстан Коммунисттик партиясынын 2-съезди.
1919, 3-февр.	— Нарында большевиктик топ уюмдашуу жактан калыптанган.
1919, 14-февр.	— Жети-Суу обл. партиялык 1-конф-я.
1919, 22-февр.— 3-март	— Партиянын Жети-Суу обл. 1-съезди.

1919, 15—19-май — Нарын уездик партиялык 1-конф-я.
1919, май — «Токмакский вестник» газетасынын чыга башташы.
1919, 1—5-июнь — Түркстан Коммунисттик партиясынын 3-съезди.
1919, 6—11-июль — Пишпек уездик-шаардык партиялык 2-конф-я.
1919, 26—30-июль — Пржевальск уездинин Түп кыштагындагы кулактардын козголоңу ж-а аны талкаланышы.
1919, 14-авг. — Түркстан фронтунун уюшулушу ж-а аны командачылыгына М. В. Фрунзенин дайындалышы.
1919, 24—27-авг. — Партиянын Жети-Суу областтык 2-съезди.
1919, 12—25-сент. — Түркстан Коммунисттик партиясынын 4-съезди.
1919, 26—30-сент. — Ош ж-а Жалал-Абад ш-ларынын басмачылардан ж-а кулак-ак гвардиячыл отряддардан бошотулушу.
1919, 10-ноябрь — В. И. Лениндин «Түркстандагы коммунист жолдошторго» аттуу каты жарыяланган.
1919, 1—6-дек. — Токмок уездик партиялык 2-конф-я.
1920, 17-янв. — Кызыл Армиянын болүктөрүнүн кулактык «Дыйкандар Армиясын» жоюшу.
1920, 20—25-янв. — Түркстан Коммунисттик партиясынын крайлык 5-конф-ясы.
1920, 21-янв. — Токмок ревкомунун жакындан уюшулуп жаткан Дунган атчандар полкуна ыктыярдууларды кабыл алуу ж-дөгү токтому.
1920, 21—28-янв. — Кыргызстанда «Фронтко жардам корсетүү жумалыгы» өткөн.
1920, 5-февр. — Түркстан АССР БАКынын качкын кыргыздарга жардам көрсөтүү ж-дө токтому.
1920, 5-февр. — Түркстан фронтунун РАСы Өзүнчө кыргыз атчандар бригадасын түзүү ж-дө буйрук чыгарып, ага В. В. Куйбышев кол койгон.
1920, 28-февр.—1-март — Ош уездик-шаардык парт. уюмунун чогулушунда партиянын уездик-шаардык комитети шайланган.
1920, 6-март — Мадаминбектин баш кесер басмачылары-нын багынышы.
1920, 16-март — Түрккомиссиянын, Түркстан АССР БАКынын ж-а Түркстан фронтунун РАСынын «Жети-Суу областынын бардык калкына» кайрылуусу.
1920, 19-апр. — Түркстан фронтунун РАСынын Жети-Суудагы толук укуктуу өкүлү Д. А. Фурмановдун Кызыл Армиянын болүктөрүн өмгек абалына которуу ж-дөгү буйругу.
1920, 19—23-апр. — Жети-Суу областтык комсомолдун 1-съезди.
1920, 1-май — Кыргызстандагы жалпы ишембилик.
1920, майдын аягы — М. В. Фрунзенин «Фергана областынын мусулман калкына» деген кайрылуусу.
1920, 29-июнь — РКП(б)нин Түркстандагы негизги милдеттери ж-дө РКП (б) БКнын чечими.
1920, 5-июль — Пишпек уездик-шаардык партиялык 3-конф-я.
1920, 6—9-июль — Пржевальск уездик-шаардык партиялык 1-конф-я.
1920, 28-июль — 5-авг. — РКЖСтин Пишпек уездик 1-съезди.
1920, 29-июль — РКП (б) БКнын Түркбюросу түзүлгөн.
1920, 15-авг. — Пржевальскиде «Призыв к труду» газетасынын биринчи саны чыккан.
1920, 12—18-сент. — Түркстан Коммунисттик партиясынын 5-съезди.
1920, 5—22-нояб. — Нарын контррев-ячыл козголоңу ж-а аны талкаланышы.
1921, 11—15-янв. — Нарын уездик партиялык 4-конф-я.
1921, 12-янв. — Ош уездик-шаардык партиялык 2-конф-я.
1921, февр.—май — Талас ороонундо, Пишпек ж-а Пржевальск уезддеринде, Жалал-Абад районунда жер-суу реформасынын жүргүзулүшү.
1921, 8-июнь — Кыргыз кедейлеринин ж-а батрактарынын уюму — «Кошчу» союзу түзүлгөн.
1921, 11-июль — Ош уездик партиялык 3-конф-я.
1921, 11—20-авг. — Түркстан Коммунисттик партиясынын 6-съезди.
1921, 26—28-окт. — Пишпек уездик-шаардык партиялык 4-конф-я.
1922, 16-янв. — РКП (б) БКнын «Түркстан коммунисттеринe» деген кат м-н кайрылуусу.
1922, февр. — Ош уездик-шаардык партиялык 4-конференция.
1922, 18-май — РКП (б) БКнын Түркбюросу РКП (б) БКнын Орто Азия бюросу болуп кайрадан түзүлгөн.
1922, 5—7-июнь — Пишпек уездик-шаардык партиялык 5-конф-я.
1922, сент. Караколдо «Каракольская правда» газетасы чыга баштаган.
1922 — Пишпекте «Красное утро» газетасы чыга баштаган.
1923, 5—23-янв. — Пишпек уездик-шаардык партиялык 6-, Каракол уездик-шаардык партиялык 3-, Ош уездик-шаардык партиялык 5-конф-ялары.
1923, 11—18-март — Түркстан Коммунисттик партиясынын 7-съезди.
1923 — «Аламүдүн» асыл тукум совхозунун (азыркы Ф. А. Стрельникова атн. асыл тукум совхозу) уюшулушу.
1924, 7—17-апр. — Пишпек уездик-шаардык партиялык 7-, Каракол уездик-шаардык партиялык 4-, Ош уездик-шаардык партиялык 6-конф-ялары.
1924, май — Түркстан Коммунисттик партиясынын 8-съезди.
1924, 12-июнь — РКП (б) БКнын «Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик болуңушу жөнүндө» токтому.
1924, 9-авг. — Луговой-Пишпек темир жолунун ачылышы.
1924, 14-окт. — ББАКтын 2-сессиясынын РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономия областын уюштуруу ж-дө токтому.
1924, 7-ноябрь — «Эркин-Тоо» (1927-ж. 29-августтан «Кызыл Кыргызстан», 1956-ж. февралдан «Советтик Кыргызстан») газетасынын биринчи санынын чыгышы.
1924, дек.—1925, янв. — Областтык советтик-партиялык мекемелердин Ташкенден Пишпекке көчүп келиши.
1925, 5—8-март — Кара-Кыргыз АОнун дыйкан-батрак алдарынын областтык 1-съезди.
1925, 10—13-март — РКП(б)нин Жалал-Абад, Каракол-Нарын, Ош ж-а Пишпек округдун конф-ялары.
1925, 12-март — «Батрацкая правда» (1925-ж. 24-июндан «Крестьянский путь», 1927-ж. 9-майдан «Советская Киргизия») газетасынын биринчи саны чыккан.
1925, 23—27-март — Кыргыз областтык партиялык 1-конф-я.
1925, 27—30-март — Кара-Кыргыз АОнун советтеринин 1-уюмдаштыруу съезди.
1925, 31-март — 3-апр. — Кара-Кыргыз профсоюздарынын 1-уюмдаштыруу съезди.
1925, 24-апр. — Чехословактардын өндүрүш кооперациясы — «Интергельпонун» биринчи эшелону Пишпекке келген.
1925, 25-май — ББАКтын токтому б-ча Кара-Кыргыз АОсу Кыргыз автономия областы деп аталган.
1925, 25-май — 1-июнь — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 1-уюмдаштыруу конф-ясы.
1925, сент. — Ысык-Көл мамл. кеме башкаруу мекемеси уюшулган.
1925, 2—4-ноябрь — Кыргыз областтык партиялык 2-конф-я.
1925, 10-ноябрь — Пишпекте Кыргыз педагогикалык алгачкы орто окуу жайы — Кыргызстан эл агартуу ин-ту ачылган.
1925 — Пионерлердин алгачкы отряддарынын түзүлүшү.
1925, күз — Пишпекте Кыргыз атчандар эскадронунун (кийин Кыргыз атчандар полку) түзүлүшүнүн башталышы.
1926, 26—30-янв. — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 2-конф-ясы.
1926, 1-февр. — ББАКтын 12-чакырылышынын Президиуму Кыргыз АОсун Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы деп жарыялаган.
1926, 7-май — ВКП (б) БКнын «Кыргыз партуюмунун абалы жана ишн жөнүндө» токтому.
1926, 12-май — ББАКтын Президиумунун Пишпек ш-н Фрунзе ш. деп атоо жөнүндөгү токтому.
1926, 11-окт. — ВКП(б)нин Кыргыз обкомунун «Кыргыз музыкалык-драмалык студиясын уюштуруу жөнүндө» токтому.
1926, 14-окт. — Кыргыз АССР Аткомунун Президиумунун кыргыз алфавитин араб тамгасынан латын тамгасына которуу үчүн Жаңы кыргыз алфавити б-ча комитетинин уюштурулушу.
1926, ноябрь — «Коммунист» журналынын биринчи саны кыргыз тилинде чыккан.
1926, 7-ноябрь — «Ленинчил жаш» газетасынын биринчи саны чыккан.
1926 — Фрунзеде биринчи радио түйүну курулган.
1926 — В. И. Лениндин «Каштар союздарынын милдеттери» ж-а «Кооперация тууралуу» макалалары биринчи жолу кыргыз тилинде чыккан.
1927 — Академик В. В. Бартольддун «Кыргыздар» деген эмгеги басмадан чыккан.
1927, 1—7-март — ВКП(б)нин кыргыз областтык 3-конф-ясы.
1927, 7—12-март — Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюмдаштыруу съезди.
1927, 15-март — Фрунзеде Кыргызстан Борбордук музейинин ачылышы.
1927, 2-май — Фрунзеде чехословактардын «Интергельпо» кооперациясынын нооту фабрикасы (кийин К. Готвальд атн.) ишке кирген.
1927, 5-май — Суусамыр жайлоо совети уюшулган.
1927, 12-ноябрь — Кыргыз АССР БАКынын ж-а ЭКСинин Ош ж-а Жалал-Абад кантондорунда жер-суу реформасын жүргүзүү ж-дөгү токтому.
1927, 18—21-ноябрь — ВКП(б)нин Кыргыз областтык 4-конф-ясы.
1927 — Кыргыз пролетардык жазуучулардын ассоциациясы (Кыргыз ПЖА) уюшулган.
1928, 5—10-март — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 3-конф-ясы.
1928, май — «Жаңы маданият жолунда» педагогикалык журналынын биринчи саны чыккан.
1928, окт. — Айыл чарба б-ча «Дыйкан» журналынын биринчи саны кыргызча ж-а орусча («Дехканин») чыккан.
1928, 28-ноябрь — Кыргыз край тааную ил. из. ин-ту уюшулган.
1928, 26-дек. — Аламүдүн ГЭСинин биринчи турбинасы ишке киргизилген.
1929, 15—25-янв. — ВКП (б) нин Кыргыз областтык 5-конф-ясы.
1929, 5-февр. — Кыргыз АССР БАКынын ж-а ЭКСинин ири байларды ж-а манаптарды Кыргызстандан көчүрүү ж-дө токтому.
1929, 10-апр. — Фрунзедеги № 1 булгаары заводу пайдалануага берилген.
1929, 25—30-апр. — Кыргыз АССР Советтеринин 2-съездинде Кыргыз АССРинин Конституциясы бекитилген.
1929, 31-май — 7-июнь — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 4-конф-ясы.
1929, 16-июнь — Фрунзе ун комбинаты ишке киргизилген.
1929, 9-авг. — Кыргызстандагы «Индустриялаштыруу күнү».
1929, 1-ноябрь — Фрунзе тамеки фабрикасы пайдалануага берилген.
1929, 10-дек. — Кыргыз АССР БАКынын 2-сессиясында респ-канын 1-беш жылдык план бекитилген.
1929 — Ош музыкалык-драмалык театрынын уюшулушу.
1930, 5-янв. — ВКП (б) БКнын «Коллективдештирүүнүн темпи жана колхоз курулушуна мамлекеттик жардам жөнүндө» токтому.
1930, 11-февр. — «Кыйырма беш миңчилердин» Кыргызстанга келиши.
1930, 30-май — Ю. Фучиктин Кыргызстанга келиши.
1930, 8—10-июнь — ВКП (б)нин Кыргыз областтык 6-конф-ясы.
1930, 15-июнь — «Сабаттуу бол» газетасынын биринчи саны чыккан.
1930, сент. — Кыргызстанда алгачкы МТСтердин уюшулушу.
1930, 19-сент. — Кыргыз АССР БАКынын, ЭКСинин «Кыргыз АССРинде милдеттүү башталгыч окуу-ну киргизүү» жөнүндө токтому.
1930, 5—8-ноябрь — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 5-конф-ясы.
1930, 7-ноябрь — Кыргыз драма театрынын биринчи сезонунун ачылышы.
1930, февр. 6—12- — Кыргыз АССР Советтеринин 3-съезди.
1931, 15—17-февр. — Кыргызстан колхозчуларынын 1-съезди.
1931, март — Фрунзе эт комбинаты пайдалануага берилген.
1931, 15-май — Фрунзе ремонттоо-механикалык заводу ишке баштаган.
1931, сент. — Адабий-көркөм «Чабуул» (азыр «Ала-Тоо») журналынын биринчи саны чыккан.
1931 — Кыргызстан мал чарба ил. из. ин-ту уюшулган.
1932, 1-янв. — Дунган тилинде «Дун хоошир» («Чыгыш үчкуну») газетасынын 1-саны чыккан.
1932, 17-июнь — Ленинград шаардык советинин Ленинград ш-нын Кыргыз АССРин шефке алышы ж-дө токтому.
1932, 5-ноябрь — Кыргызстан мамл. педагогика ин-тунун ачылышы.
1932, ноябрь — Чомуч суу тосмосунун курулушу аяктаган.
1933, 1-февр. — «Кыргызстан пионери» газетасынын биринчи саны чыккан.
1933, 10—15-февр. — Ленинградда СССР НАнын демилгеси м-н чакырылган Кыргызстандын өндүрүчү күчтөрүн изилдөө боюнча 1-конф-я откон.
1933, апр. — Кыргызстан «Октябрь революциясы» кемесин шефке алган.
1933 — Фрунзеде зооветеринария ин-тунун (азыр К. И. Скрябин атн. а. ч. институту) ачылышы.
1934, 10—15-янв. — ВКП (б)нин Кыргыз областтык 7-конф-ясы.
1934, 21—25-апр. — Кыргызстан жазуучулар союзунун 1-съезди.
1934, 28-май — Кыргыз АССР ЭКСинин респ-калык китепкана ачуу жөнүндөгү токтому, китепкана 1934-ж. 20-ноябрда ачылган.
1934, 23-окт. — «Кызыл Кыргызстан» (азыр «Ала-Тоо») газета-журнал басмасы уюшулган.
1934, 8-ноябрь — Кыргызстанда алгачкы сүрөт көргөзмөсүнүн ачылышы.
1934, 16-ноябрь — Кыргызстан сов. сүрөтчүлөр союзунун уюшулушу.
1935, 1-янв. — Фрунзеде сүрөт галереясынын (1945-жылдан Кыргыз мамл. сүрөт өнөр музейи) ачылышы.
1935, 1—16-янв. — Кыргыз АССР Советтеринин 4-съезди.
1935, 17-янв. — СССР ВАКынын «Кыргыз АССРинде чарбалык жана маданий курулуш жөнүндө» токтому.
1935, 8—12-февр. — Кыргыз АССРинин табигый ресурстарын өздөштүрүү б-ча Москвада 2-конф-инин отүшү.
1935, 15-19-окт. — Кыргызстан кыз-келиндеринин 1-съезди.
1935, 4-ноябрь — Фрунзе—Балыкчы шоссе жолунун ачылышы.
1935, 12-ноябрь — Н. К. Крупская атн. Орус драмалык театрынын ачылышы.
1935, 14—15-дек. — Өнөр жай ж-а транспорт стахановчуларынын Бүткүл кыргызстандык 1-съезди.
1935 — Таш-Көмүр кени пайдалануага берилген.
1936, 15—21-февр. — ВЛКСМдин Кыргыз областтык 7-конф-ясы.
1936, 8-сент. — А. В. Луначарский атн. Москва театр институна Кыргыз студиясы иштей баштаган.
1936, 1-окт. — Фрунзеде радиоүктүрүү станциясы ишке киргизилген.
1936, 7-окт. — Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын уюшулушу.
1936, 18—25-окт. — Эл чыгармачылыгынын Бүткүл кыргызстандык 1-олимпиадасы.
1936, 5-ноябрь — Кыргыз АССР Советтеринин СССР Конституциясынын долбоору ж-дө чукул чакырылган V съезди.
1936, 5-дек. — СССР Конституциясынын негизинде Кыргыз АССРи Кыргыз ССРи болуп түзүлгөн.
1937, 28-янв. — Кыргыз телеграф агентствосу (Кыргыз ТАГ) уюшулган.
1937, 23-март — Респ-каным Советтеринин чукул чакырылган 5-съездинде Кыргыз ССР Конституциясы бекитилген.
1937, 23-апр. — ВКП (б) БКнын токтому б-ча ВКП (б)-нин Кыргыз областтык партиялык уюму Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясы деп аталган.
1937, 28-апр. — Кыргыз ССР ЭКСинин алдында Илимдер комитети уюшулган.
1937, 12-май — Кыргыздын алгачкы «Алтын кыз» музыкалык драмасынын премьерасы.
1937, 22-май — ВЛКСМдин Кыргыз областтык уюму Кыргызстан Лениндин Коммунисттик Жаштар Союзу деп аталган.
1937, 5—16-июнь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 1-съезди.
1937, 19-июль — СССР ЭКСинин ж-а ВКП(б) БКнын «Кыргыз ССРинин чарбалык жана маданий өнүгүшүн күчөтүү чаралары жөнүндө» токтому.
1937, 10—20-окт. — Кыргызстан ЛКЖСтин 1-съезди.
1937 — Чаңгыр-Таш нефть кени пайдалануага берилген.
1938, 20-март — Кыргызстан архитекторлорунун 1-конф-ясы, респ-калык архитекторлор союзу уюшулган.
1938, 28-март — Кыргыз ССР ЭКСинин «Фрунзе шаарында Ботаникалык бакты уюштуруу жөнүндө» токтому.
1938, 1-май — «Комсомолец Киргизии» газетасынын биринчи саны чыккан.
1938, 24-июнь — Кыргыз ССР Жогорку Советине алгачкы шайлоолор.
1938, 3—15-июль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 2-съезди.
1939, 7—12-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 2-съезди.
1939, 22—25-февр. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 3-съезди.
1939, 15-апр. — Кыргыздын алгачкы «Айчүрөк» операсынын премьерасы.
1939, 26-май — 4-июнь — Кыргыз искусствосунун Москвадагы он күндүгү.
1939, 15—17-авг. — Мугалимдердин Бүткүл кыргызстандык 1-съезди.
1939, 1-сент. — Кыргыз мамлекеттик медицина ин-тунун ачылышы.
1939, 21-ноябрь — Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалал-Абад ж-а Ош обл-тарынын уюшулушу.
1940, 15—17-февр. — О. Азиядагы көмүр өнөр жай новаторлорунун Фрунзеде откон слёту.
1940, март 13—16- — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 4-съезди.

1940, 7-сент. — ВКП (б) БКнын ж-а СССР ЭКСинин «Кыргыз ССРинде айыл чарбасын, айрыкча техникалык осумдукторду мындан ары жогорулатуунун чаралары жонүндө» токтому.
1940, 27—30-сент. — Кыргызстан ЛКЖСинин 3-съезди.
1940, 7-ноябрь — Кыргыздын алгачкы «Анар» балетинин премьерасы.
1941, 31-янв. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Кыргыз жазмасын латын алфавитинен орус графикасынын негизиндеги жаңы алфавитке которуу жонүндөгү» закону.
1941, 1-февр. — Кыргыз ССРинин 15 жылдык юбилейин салтанаттуу майрамдоо.
1941, 10-май — Чоң Чүй каналынын курулушунун башталышы.
1941, 3-июнь — Кыргызстан КП (б) БКнын ж-а Кыргыз ССР ЭКСинин Кыргыз драма театрын (биринчи спектакли 1941-ж. 21-сентябрда коюлган) уюштуруу ж-дө токтому.
1941, 22-июнь — Гитлердик Германиянын Советтер Союзуна жазуу каралык м-н кол салышы. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы.
1941, 12—17-июль — Генерал И. В. Панфиловдун командачылыгы астында Кыргызстан м-н Казахстандын эмгекчилеринен 316-аткычтар дивизиясы түзүлгөн (1941-жылдын 18-ноябрынан 8-гвардиялык).
1941, 24-авг. — Кыргызстандын акындарынын ж-а жазуучуларынын, илимдин ж-а маданияттын бардык ишмерлеринин бүткүл күчтү фронтко жумшоо чакырыгы жазылган ачык катынын жарыяланышы.
1941, 16-нояб. — Панфиловчу жоокерлердин Волоколамск шоссесиндеги Дубосеково разъездинин жанындагы эрдиги.
1942, 7-апр. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Согуш мезгилинде стахановчулар кыймылын жайылтуу жонүндө» токтому.
1942, 12—22-июнь — Казакстан м-н О. Азия респ-каларынын совет музыкасынын Фрунзедеги 1-он күндүгү.
1942, 6-авг. — Душмандын дзотунун амбразурасын денеси м-н жапкан Чолпонбай Тулобердиевдин эрдиги.
1942, 17-авг. — Кыргыз музыкалык-драма театрынын базасында Кыргыз опера ж-а балет театрынын уюшулушу.
1942, 12-окт. — Аялдардын Фрунзеде өткөн антифашисттик митингиси.
1942, 17-ноябрь — Кыргызстандын делегациясынын колхозчулардын каражатына курулган «Советтик Кыргызстан» танк колоннасын Кызыл Армиянын окуудорүнө өткөрүп бериши.
1943, 20-янв. — Кыргыз элинин кыргыз жоокерлерине кат-наказы жарыяланган.
1943, 13-авг. — СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы.
1944, 5—15-окт. — Фрунзеде өткөн фронттогулардын үй-бүлосүнө ж-а Улуу Ата Мекендик согуштун инвалиддерине жардам көрсөтүү он күндүгү.
1945, 9-Май — Жениш күнү.
1945, 5-дек. — Аламүдүн каскадынын биринчи ГЭСи ишке киргизилген.
1946, 1-март — Респ-канын 20 жылдыгына арналган Кыргыз ССР Жогорку Советинин юбилейдик сессиясы.
1946, 1-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Кыргыз ССРинин мамл. гимнинин текстин ж-а музыкасын бекитүү ж-дө указы.
1946, 2-авг. — Респ-калык партиялык мектеп уюштурулган.
1946, 21—24-авг. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин 11-сессиясы кабыл алган «Республиканын эл чарбасын 1946—1950-жылдарда өнүктүрүү жонүндө» закону.
1946, 25—28-нояб. — Кыргызстан ЛКЖСинин 4-съезди.
1947, 8-ноябрь — Респ-канын айыл чарба коргөмөсүнүн (1956-жылдан Кыргыз ССР эл чарбасынын жетишкендиктеринин коргөмөсү) ачылышы.
1948, 14—15-янв. — Кыргыз ССР саясий ж-а илимий билимдерди тараткуучу коому (1963-жылдан «Билим» коому) уюшулган.
1948, 1-февр. — СССР географиялык коомунун кыргыз болуму (1970-ж. июндан Кыргыз ССР географиялык коому) уюштурулган.
1948, 20—22-июль — Кыргызстан ЛКЖСинин 5-съезди.
1948, окт. — Кыргыз совет композиторлорунун 1-съезди.
1949, 20—21-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 6-съезди.
1949, 10—14-февр. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 5-съезди.
1950, 17-март — Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолор.
1950, 25—28-авг. — Кыргызстан ЛКЖСинин 7-съезди.
1950, 29-ноябрь — КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм ин-тунун филиалы — Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-ту уюшулган.
1951 — Балыкчы, Сулукту, Жалал-Абад от комбинаттары пайдаланууга берилген.
1951, 13-янв. — Фрунзеде алгачкы троллейбус линиясынын ачылышы.
1951, 1-февр. — Кыргыз ССРинин 25 жылдыгын майрамдоо.
1951, май — «Кыргызстан аялдары» журналынын биринчи саны чыккан.
1951, 1-авг. — Ош мугалимдер ин-ту Ош педагогика ин-туна айланган.
1951, 30-авг. — Кыргыз мамл. университетинин ачылышы (азыр СССРдин 50 жылдыгы атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү КМУ).
1951, 22—23-сент. — Фрунзеде тынчтыкты жактагандардын респ-калык конф-ясы.
1952, февр. — Пионерлер ж-а мектеп окуучуларынын «Жаш ленинчи» журналынын биринчи саны чыккан.
1952, 25—27-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 8-съезди.
1952, 6—10-июнь — «Манас» эпосун изилдөө б-ча Фрунзеде илимий конф-я өткөн.
1952, 5-авг. — Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер ин-ту В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика ин-ту деп аталган.
1952, 20—23-сент. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 6-съезди.
1953, 5-апр. — «Мугалимдер газетасынын» биринчи саны чыккан.
1953, 1-сент. — Пржевальск педагогика ин-тунун ачылышы.
1954, 26—28-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 9-съезди.
1954, 10—12-февр. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 7-съезди.
1954, 29-апр. — Суротчулор союзунун 20 жылдыгына карата респ-калык сүрөт коргөмөсүнүн ачылышы.
1954, 31-июль — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин ж-а Министрлер Советинин «„Колхозчу" ыктыярдуу спорт коомун уюштуруу жонүндө» токтому.
1954, 1-окт. — Фрунзе политехника ин-тунун ачылышы.
1954, 20-дек. — Кыргыз ССР илимдер академиясынын ачылышы.
1955, 11—13-авг. — Кыргызстан архитекторлорунун 1-съезди.
1955, 6-сент. — Фрунзеде Кыргыз мамл. физкультура ин-тунун ачылышы.
1955, 22—23-дек. — Кыргызстан ЛКЖСинин 10-съезди.
1956, 24—26-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 8-съезди.
1956, 10—14-нояб. — Фрунзеде кыргыз элинин энтогенезине арналган илимий сессия өткөн.
1956 — «Кыргызфильм» хроникалык-документтик студиясы көркөм фильмдер студиясына айланган.
1956 — Орто-Токой суу сактагычы пайдаланууга берилген.
1957, 11-янв. — Кыргыз ССРи Ленин ордени м-н сыйланган.
1957, 24—27-май — Кыргызстандын жаштары м-н студенттеринин 1-фестивалы.
1957, 18-июль — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин Кызыл Туу ордендүү Кронштадтты шефке алуу жонүндө токтому.
1958, 3—4-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 11-съезди.
1958, 21—23-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 9-съезди.
1958, 10—12-апр. — Кыргызстан сүротчулөрүнүн 1-съезди.
1958, 18-авг. — «Советтик Кыргызстан» газетасы Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1958, 14—25-окт. — Кыргыз иск-восу м-н адабиятынын Москвадагы 2-он күндүгү.
1958, 21-ноябрь — Кыргызстандын чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыш коому уюшулган.
1958, ноябрь — Кыргызстанда Коммунисттик эмгектин ударыгы ж-а коллективи деген наам үчүн мелдеш башталган.
1958, дек. — Фрунзеде телекөрсөтүү борбору иштей баштаган.
1959, 5-янв. — Коммунисттик эмгектин бригадалары деген наам үчүн күрөшкөн жаштар коллективинин респ-калык 1-слёту.
1959, 12—13-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын кезексиз чакырылган 10-съезди.

1959, 22-март — Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрына «академиялык» деген наам берилген.
1959, 25-март — Кыргызстан журналисттеринин 1-съезди.
1960, 28—29-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 12-съезди.
1960, 25—27-февр. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 11-съезди.
1960, 20—21-май — Кыргызстан интеллигенциясынын 1-съезди.
1960, 17—26-июнь — Түркмөн адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.
1961, 20-февр. — Кыргызстан театр коомунун 1-съезди.
1961, 28-апр. — Фрунзе ийрүү-токуу фабрикасына республикада биринчи болуп «Коммунисттик эмгектин ишканасы» деген наам берилген.
1961, 19-сент. — Фрунзе ТЭЦинин биринчи агрегаты пайдаланууга берилген.
1961, 19—20-сент. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 12-съезди.
1961, 21-окт. — Фрунзеде ири панелдүү үй куруу заводу пайдаланууга берилген.
1962, 26—27-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 13-съезди.
1962, 25-май — Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7-сессиясынын «Кыргыз ССРинин жаратылышын коргоо жонүндө» токтому жарыяланган.
1962, 21—30-июнь — Тажик адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.
1962, 7—16-сент. — Орус совет адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.
1962, 24—25-окт. — Кыргызстан кинематографисттер союзу уюшулган.
1963, 29-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгы жонүндө» токтому.
1963, 1—10-июнь — Орус совет музыкасынын Кыргызстандагы он күндүгү.
1963, 28-июнь — Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын биринчи кезеги пайдаланууга берилген.
1963, 23-авг. — Кыргызстандын облон чыгаруучулар ж-а рационализаторлор коомунун 1-съезди.
1963, 10—15-окт. — Совет киноискусствосунун Кыргызстандагы жумалыгы.
1963, 26-окт. — Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгына жүз жыл толгонуна байланыштуу респ-калык сүрөт коргөмөсүнүн ачылышы.
1963, 30-окт. — Кыргыз ССРи экинчи жолу Ленин ордени м-н сыйланган. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгынын 100 жылдыгына арналган Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин салтанаттуу заседаниеси.
1963, 27—28-дек. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 13-съезди.
1964, 23—24-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 14-съезди.
1964, 31-янв. — Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулганына жүз жыл толушунун урматына ж-а өнөр жайын, айыл чарбасын ж-а маданиятын өнүктүрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн 1200 адам Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамоталары ж-а Ардак грамоталары м-н сыйланган.
1964, 12-февр. — Ысык-Көл районуна караштуу «Новый путь» колхозуна респ-када биринчи болуп «Коммунисттик эмгектин колхозу» деген наам берилген.
1964, 11-июнь — Кант цемент-шифер комбинаты пайдаланууга берилген.
1964, 3-июль — Үч-Коргон ГЭСи толук кубаттуулук м-н иштей баштаган.
1964, 1—10-июль — Советтик-монголдук достуктун он күндүгү.
1964, 13—18-сент. — Фрунзеде Казакстан ж-а О. Азия республикаларынын көркөм фильмдеринин 3-кинофестиваль-кароосу өткөн.
1964, 28-сент. — Ошто О. Азия кендеринде ж-а разрездеринде көмүр казып алуунун технологиясын жакшыртуу б-ча респ-калар аралык илимий-техникалык кеңешме болгон.
1964, 26-ноябрь — Кыргызстандын жаратылышты коргоо коомунун 1-съезди.
1965, 29-апр. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргыз ССРинин, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын уюшулганынын 40 жылдыгы жонүндө» токтому.
1965, 10-июнь — Кыргызстан илимий-техникалык коомдорунун съезди.
1965, 15-июнь — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Токтогул атн. республикалык сыйлыгы белгилөө жонүндө токтому.
1965, 8-авг. — Ала-Арча суу сактагычы пайдаланууга берилген.
1965, 18-окт. — Фрунзе — Ош жолунун курулушу аяктаган.
1966, 15-февр. — Тарыхый ж-а маданий эстеликтерди коргоо коому уюшулган.
1966, 3—4-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 14-съезди.
1966, 10—11-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 15-съезди.
1966, май — Ташкен жер титиреөсүнөн жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү ж-дө Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому.
1966, 28-май — 11-июнь — Респ-канын ж-а Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына арналган иск-во майрамы — «Ала-Тоо» жазы фестивалы.
1966, 15—17-сент. — Кочмөн элдерди отурукташтыруу проблемалары б-ча Москва ж-а Казакстанда башталган эл аралык семинар өз ишин Кыргызстанда уланткан.
1966, 28-окт. — СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы б-ча эмгекчилердин чарбалык ж-а маданий курулушта жетишкен ийгиликтери үчүн Ош области Ленин ордени м-н сыйланган.
1966, окт. — Фрунзе автомобиль кураштыруу заводунун биринчи кезеги пайдаланууга берилген.
1966, 18-ноябрь — Монгол адабиятынын Кыргызстандагы жумалыгы ачылган.
1967, 1-янв. — «Кыргызстан маданияты» газетасынын биринчи саны чыккан.
1967, 19—21-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин демилгеси м-н пропагандисттердин респ-калык 1-слёту өткөн.
1967, 27-февр. — Фрунзеде жаңы нан заводу ишке киргизилген.
1967, 27-март — Улуу Октябрдын 50 жылдыгына арналган Казак ССРинин күндөрү Кыргызстанда ачылган.
1967, 24-апр. — Түркмөн ССРинин күндөрү Кыргызстанда ачылган.
1967, 21-июнь — Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы белгиленген.
1967, 4-июль — Жаш чабандардын Фрунзедеги Бүткүл союздук 1-слёту.
1967, 11—17-июль — Кыргыз ССРинин маданият ж-а иск-восунун Москвадагы күндөрү.
1967, 2-окт. — Фрунзеде Кыргыз мамл. искусство ин-ту ачылган.
1967, 21-окт. — «Жаш Кыргызстан» цирк коллективинин биринчи оюну.
1967, 30-ноябрь — Илим ж-а техника б-ча Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын уюштурулушу.
1968, 12—13-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 16-съезди.
1968, 22-март — Кыргыз мамл. Ленин орденду академиялык опера ж-а балет театрынын гастролу Ленинградда башталган.
1968, 21—28-апр. — Казакстан ж-а О. Азия республикаларынын кинематографисттеринин чыгармачылыгынын 7-фестиваль-конкурсу.
1968, 21—22-май — Кыргыз ССРинин маданият кызматкерлеринин 1-съезди.
1968, 13—15-июнь — Биринкен Улуттар Уюмуна караштуу ФАО — азык-түлүк ж-а айыл чарба уюму тарабынан уюштурулган мал чарба тажрыйба станцияларын, лабораторияларды ж-а институттарды уюштуруу б-ча эл аралык семинар Фрунзеде өткөн.
1968, 25-окт. — Ош областынын Ленин райондук комсомол уюму Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1969, 13-март — Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-ту Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1969, 5—10-май — Биринкен Улуттар Уюмуна караштуу ФАОнун кой чарбачылыгы ж-а жүн өндүрүү б-ча эл аралык семинары Фрунзеде өткөн.
1969, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.
1969, 20—29-сент. — Кыргыз ССРинин маданиятынын Латвиядагы күндөрү.
1969, 18—21-ноябрь — Кыргыз ССР илимдеринин Москвадагы Лениндик күндөрү.
1970, 27—28-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 17-съезди.
1970, 2—10-апр. — В. И. Ленинди туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына СССР элдеринин иск-во майрамы өткөн.
1970, 21-май — Бухара — Жамбыл — Фрунзе — Алматы газ түтүгү пайдаланууга берилген.
1970, 20-июнь — Москвада Кыргыз мамлекеттик Ленин орденду академиялык опера ж-а балет театрынын гастролунун ачылышы.
1970, 6-ноябрь — Торт-Күл суу сактагычына суу толтуруу башталган.

1940, 7-сент. — ВКП (б) БКнын ж-а СССР ЭКСинин «Кыргыз ССРинде айыл чарбасын, айрыкча техникалык осумдүктөрдү мындан ары жогорулатуунун чаралары жөнүндө» токтому.

1940, 27—30-сент. — Кыргызстан ЛКЖСинин 3-съезди.

1940, 7-ноябрь — Кыргыздын алгачкы «Анар» балетинин премьерасы.

1941, 31-янв. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Кыргыз жазмасын латын алфавитинен орус графикасынын негизиндеги жаңы алфавитке которуу жөнүндөгү» закону.

1941, 1-февр. — Кыргыз ССРинин 15 жылдык юбилейин салтанаттуу майрамдоо.

1941, 10-май — Чоң Чүй каналынын курулушунун башталышы.

1941, 3-июнь — Кыргызстан КП (б) БКнын ж-а Кыргыз ССР ЭКСинин Кыргыз драма театрын (биринчи спектакли 1941-ж. 21-сентябрда коюлган) уюштуруу ж-де токтому.

1941, 22-июнь — Гитлердик Германиянын Советтер Союзуна жүзү каралык м-н кол салышы. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы.

1941, 12—17-июль — Генерал И. В. Панфиловдун командачылыгы астында Кыргызстан м-н Казахстандын эмгекчилеринен 316-аткычтар дивизиясы түзүлгөн (1941-жылдын 18-ноябрынан 8-гвардиялык).

1941, 24-авг. — Кыргызстандын акындарынын ж-а жазуучуларынын, илимдин ж-а маданияттын бардык ишмерлеринин бүткүл күчтү фронтко жумшоо чакырыгы жазылган ачык катынын жарыяланышы.

1941, 16-нояб. — Панфиловчу жоокерлердин Волоколамск шоссесиндеги Дубосеково разъездинин жанындагы эрдиги.

1942, 7-апр. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Согуш мезгилинде стахановчулар кыймылын жайылтуу жөнүндө» токтому.

1942, 12—22-июнь — Казакстан м-н О. Азия респ-каларынын совет музыкасынын Фрунзедеги 1-ун күндүгү.

1942, 6-авг. — Душмандын дзотунун амбразурасын денеси м-н жапкан Чолпонбай Түлөбердиевдин өлбөс-өчпөс эрдиги.

1942, 17-авг. — Кыргыз музыкалык-драма театрынын базасында Кыргыз опера ж-а балет театрын уюштурулушу.

1942, 12-окт. — Аялдардын Фрунзеде өткөн антифашисттик митингиси.

1942, 17-ноябрь — Кыргызстандын делегациясынын колхозчулардын каражатына курулган «Советтик Кыргызстан» танк колоннасын Кызыл Армиянын окуудоруно откорүп берүүсү.

1943, 20-янв. — Кыргыз элинин кыргыз жоокерлерине кат-наказы жарыяланган.

1943, 13-авг. — СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы.

1944, 5—15-окт. — Фрунзеде өткөн фронттогулардын үй-бүлөсүнө ж-а Улуу Ата Мекендик согуштун инвалиддерине жардам көрсөтүү он күндүгү.

1945, 9-Май — Жениш күнү.

1945, 5-дек. — Аламүдүн каскадынын биринчи ГЭСи ишке киргизилген.

1946, 1-март — Респ-канын 20 жылдыгына арналган Кыргыз ССР Жогорку Советинин юбилейдик сессиясы.

1946, 1-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Кыргыз ССРинин мамл. гимнинин текстин ж-а музыкасын бекитүү ж-де указы.

1946, 2-авг. — Респ-калык партиялык мектеп уюштурулган.

1946, 21—24-авг. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин 11-сессиясы кабыл алган «Республиканын эл чарбасын 1946—1950-жылдарда өнүктүрүү жөнүндө» закону.

1946, 25—28-нояб. — Кыргызстан ЛКЖСинин 4-съезди.

1947, 8-ноябрь — Респ-канын айыл чарба көргөзмөсүнүн (1956-жылдан Кыргыз ССР эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү) ачылышы.

1948, 14—15-янв. — Кыргыз ССР салсий ж-а илимий билимдерди таратуучу коому (1963-жылдан «Билим» коому) уюшулган.

1948, 1-февр. — СССР географиялык коомунун кыргыз бөлүмү (1970-ж. июндан Кыргыз ССР географиялык коому) уюштурулган.

1948, 20—22-июль — Кыргызстан ЛКЖСинин 5-съезди.

1948, окт. — Кыргыз совет композиторлорунун 1-съезди.

1949, 20—21-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 6-съезди.

1949, 10—14-февр. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 5-съезди.

1950, 17-март — Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолор.

1950, 25—28-авг. — Кыргызстан ЛКЖСинин 7-съезди.

1950, 29-ноябрь — КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм ин-тунун филиалы — Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-ту уюшулган.

1951 — Балыкчы, Сүлүкту, Жалал-Абад от комбинаттары пайдалануусу берилген.

1951, 13-янв. — Фрунзеде алгачкы троллейбус линиясынын ачылышы.

1951, 1-февр. — Кыргыз ССРинин 25 жылдыгын майрамдоо.

1951, май — «Кыргызстан аялдары» журналынын биринчи саны чыккан.

1951, 1-авг. — Ош мугалимдер ин-ту Ош педагогика ин-туна айланган.

1951, 30-авг. — Кыргыз мамл. университетинин ачылышы (азыр СССРдин 50 жылдыгы атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү КМУ).

1951, 22—23-сент. — Фрунзеде тынчтыкты жактагандардын респ-калык конф-ясы.

1952, февр. — Пионерлер ж-а мектеп окуучуларынын «Жаш ленинчи» журналынын биринчи саны чыккан.

1952, 25—27-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 8-съезди.

1952, 6—10-июнь — «Манас» эпосун изилдөө б-ча Фрунзеде илимий конф-я өткөн.

1952, 5-авг. — Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер ин-ту В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогика ин-ту деп аталган.

1952, 20—23-сент. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 6-съезди.

1953, 5-апр. — «Мугалимдер газетасынын» биринчи саны чыккан.

1953, 1-сент. — Пржевальск педагогика ин-тунун ачылышы.

1954, 26—28-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 9-съезди.

1954, 10—12-февр. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 7-съезди.

1954, 29-апр. — Сүрөтчүлөр союзунун 20 жылдыгына карата респ-калык сүрөт көргөзмөсүнүн ачылышы.

1954, 31-июль — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин ж-а Министрлер Советинин «„Колхозчу" шыктырдуу спорт коомун уюштуруу жөнүндө» токтому.

1954, 1-окт. — Фрунзе политехника ин-тунун ачылышы.

1954, 20-дек. — Кыргыз ССР илимдер академиясынын ачылышы.

1955, 11—13-авг. — Кыргызстан архитекторлорунун 1-съезди.

1955, 6-сент. — Фрунзеде Кыргыз мамл. физкультура ин-тунун ачылышы.

1955, 22—23-дек. — Кыргызстан ЛКЖСинин 10-съезди.

1956, 24—26-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 8-съезди.

1956, 10—14-ноябрь — Фрунзеде кыргыз элинин онтогенезине арналган илимий сессия өткөн.

1956 — «Кыргызфильм» хроникалык-документтик студиясы көркөм фильмдер студиясына айланган.

1956 — Орто-Токой суу сактагычы пайдалануусу берилген.

1957, 11-янв. — Кыргыз ССРи Ленин ордени м-н сыйланган.

1957, 24—27-май — Кыргызстандын жаштары м-н студенттеринин 1-фестивалы.

1957, 18-июль — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин Кызыл Туу ордендүү Кронштадтты шефке алуу жөнүндө токтому.

1958, 3—4-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 11-съезди.

1958, 21—23-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 9-съезди.

1958, 10—12-апр. — Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн 1-съезди.

1958, 18-авг. — «Советтик Кыргызстан» газетасы Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1958, 14—25-окт. — Кыргыз иск-восу м-н адабиятынын Москвадагы 2-он күндүгү.

1958, 21-ноябрь — Кыргызстандын чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыш коому уюшулган.

1958, ноябрь — Кыргызстанда Коммунисттик эмгектин ударнигн ж-а коллективи деген наам үчүн мелдеш башталган.

1958, дек. — Фрунзеде телекөрсөтүү борбору иштей баштаган.

1959, 5-янв. — Коммунисттик эмгектин бригадалары деген наам үчүн күрөшкөн жаштар коллективинин респ-калык 1-слёту.

1959, 12—13-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын кезексиз чакырылган 10-съезди.

1959, 22-март — Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрына «академиялык» деген наам берилген.

1959, 25-март — Кыргызстан журналисттеринин 1-съезди.

1960, 28—29-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 12-съезди.

1960, 25—27-февр. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 11-съезди.

1960, 20—21-май — Кыргызстан интеллигенциясынын 1-съезди.

1960, 17—26-июнь — Түркмөн адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.

1961, 20-февр. — Кыргызстан театр коомунун 1-съезди.

1961, 28-апр. — Фрунзе ийрүү-токуу фабрикасына республикада биринчи болуп «Коммунисттик эмгектин ишканасы» деген наам берилген.

1961, 19-сент. — Фрунзе ТЭЦинин биринчи агрегаты пайдалануусуна берилген.

1961, 19—20-сент. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 12-съезди.

1961, 21-окт. — Фрунзеде ири панелдүү үй куруу заводу пайдалануусуна берилген.

1962, 26—27-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 13-съезди.

1962, 25-май — Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7-сессиясынын «Кыргыз ССРинин жаратылышын коргоо жөнүндө» токтому жарыяланган.

1962, 21—30-июнь — Тажик адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.

1962, 7—16-сент. — Орус совет адабиятынын Кыргызстандагы он күндүгү.

1962, 24—25-окт. — Кыргызстан кинематографисттер союзу уюшулган.

1963, 29-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгы жөнүндө» токтому.

1963, 1—10-июнь — Орус совет музыкасынын Кыргызстандагы он күндүгү.

1963, 28-июнь — Кыргызстан камвол-нооту комбинатынын биринчи кезеги пайдалануусуна берилген.

1963, 23-авг. — Кыргызстандын ойлоп чыгаруучулар ж-а рационализаторлор коомунун 1-съезди.

1963, 10—15-окт. — Совет киноискусствосунун Кыргызстандагы жумалыгы.

1963, 26-окт. — Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгына жүз жыл толгонуна байланыштуу респ-калык сүрөт көргөзмөсүнүн ачылышы.

1963, 30-окт. — Кыргыз ССРи экинчи жолу Ленин ордени м-н сыйланган. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгынын 100 жылдыгына арналган Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин салтанаттуу заседаниеси.

1963, 27—28-дек. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 13-съезди.

1964, 23—24-янв. — Кыргызстан ЛКЖСинин 14-съезди.

1964, 31-янв. — Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулганына жүз жыл толушунун урматына ж-а өнөр жайын, айыл чарбасын ж-а маданиятын өнүктүрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн 1200 адам Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамоталары ж-а Ардак грамоталары м-н сыйланган.

1964, 12-февр. — Ысык-Көл районуна караштуу «Новый путь» колхозуна респ-када биринчи болуп «Коммунисттик эмгектин колхозу» деген наам берилген.

1964, 11-июнь — Кант цемент-шифер комбинаты пайдалануга берилген.

1964, 3-июль — Үч-Коргон ГЭСи толук кубаттуулук м-н иштей баштаган.

1964, 1—10-июль — Советтик-монголдук достуктун он күндүгү.

1964, 13—18-сент. — Фрунзеде Казакстан ж-а О. Азия республикаларынын көркөм фильмдеринин 3-кинофестиваль-кароосу өткөн.

1964, 28-сент. — Ошто О. Азия кендеринде ж-а разрездеринде көмүр казып алуунун технологиясын жакшыртуу б-ча респ-калар аралык илимий-техникалык кеңешме болгон.

1964, 26-ноябрь — Кыргызстандын жаратылышты коргоо коомунун 1-съезди.

1965, 29-апр. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргыз ССРинин, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын уюшулганынын 40 жылдыгы жөнүндө» токтому.

1965, 10-июнь — Кыргызстан илимий-техникалык коомдорунун съезди.

1965, 15-июнь — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Тоотогул атн. республикалык сыйлыгы белгилөө жөнүндө токтому.

1965, 8-авг. — Ала-Арча суу сактагычы пайдалануусуна берилген.

1965, 18-окт. — Фрунзе — Ош жолунун курулушу аяктаган.

1966, 15-февр. — Тарыхый ж-а маданий эстеликтерди коргоо коому уюшулган.

1966, 3—4-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 14-съезди.

1966, 10—11-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 15-съезди.

1966, май — Ташкен жер титирөөсүнөн жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү ж-де Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому.

1966, 28-май — 11-июнь — Респ-канын ж-а Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына арналган иск-во майрамы — «Ала-Тоо» жазы фестивалы.

1966, 15—17-сент. — Көчмөн элдерди отурукташтыруу проблемалары б-ча Москва ж-а Казакстанда башталган эл аралык семинар өз ишин Кыргызстанда уланткан.

1966, 28-окт. — СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы б-ча эмгекчилердин чарбалык ж-а маданий курулушта жетишкен ийгиликтери үчүн Ош областы Ленин ордени м-н сыйланган.

1966, окт. — Фрунзе автомобиль кураштыруу заводунун биринчи кезеги пайдалануусуна берилген.

1966, 18-ноябрь — Монгол адабиятынын Кыргызстандагы жумалыгы ачылган.

1967, 1-янв. — «Кыргызстан маданияты» газетасынын биринчи саны чыккан.

1967, 19—21-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгы жөнүндө» токтому б-ча респ-калар аралык илимий-техникалык конф-я өткөн.

1967, 27-февр. — Фрунзеде жаңы нан заводу ишке киргизилген.

1967, 27-март — Улуу Октябрдын 50 жылдыгына арналган Казак ССРинин күндөрү Кыргызстанда ачылган.

1967, 24-апр. — Түркмөн ССРинин күндөрү Кыргызстанда ачылган.

1967, 21-июнь — Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы белгиленген.

1967, 4-июль — Жаш чабандардын Фрунзедеги Бүткүл союздук 1-слёту.

1967, 11—17-июль — Кыргыз ССРинин маданият ж-а иск-восунун Москвадагы күндөрү.

1967, 2-окт. — Фрунзеде Кыргыз мамл. искусство ин-ту ачылган.

1967, 21-окт. — «Жаш Кыргызстан» цирк коллективинин биринчи оюну.

1967, 30-ноябрь — Илим ж-а техника б-ча Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын уюштурулушу.

1968, 12—13-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 16-съезди.

1968, 22-март — Кыргыз мамл. Ленин ордендүү академиялык опера ж-а балет театрынын гастролу Ленинградда башталган.

1968, 21—28-апр. — Казакстан ж-а О. Азия республикаларынын кинематографисттеринин чыгармачылыгынын 7-фестиваль-конкурсу.

1968, 21—22-май — Кыргыз ССРинин маданият кызматкерлеринин 1-съезди.

1968, 13—15-июнь — Биринкен Улуттар Уюмуна караштуу ФАО — азык-түлүк ж-а айыл чарба уюму тарабынан уюштурулган мал чарба тажрыйба станцияларын, лабораторияларды ж-а институттарды уюштуруу б-ча эл аралык семинар Фрунзеде өткөн.

1968, 25-окт. — Ош областтык Ленин райондук комсомол уюму Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1969, 13-март — Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-ту Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1969, 5—10-май — Биринкен Улуттар Уюмуна караштуу ФАОнун көй чарбачылыгы ж-а жун өндүрүү б-ча эл аралык семинары Фрунзеде өткөн.

1969, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1969, 20—29-сент. — Кыргыз ССРинин маданиятынын Латвиядагы күндөрү.

1969, 18—21-ноябрь — Кыргыз ССР илимдеринин Москвадагы Лениндик күндөрү.

1970, 27—28-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 17-съезди.

1970, 2—10-апр. — В. И. Ленинди туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына СССР элдеринин иск-во майрамы өткөн.

1970, 21-май — Бухара — Жамбыл — Фрунзе — Алматы газ түтүгү пайдалануусуна берилген.

1970, 20-июнь — Москвада Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера ж-а балет театрынын гастролунун ачылышы.

1970, 6-ноябрь — Торт-Күл суу сактагычына суу толтуруу башталган.

1970, 9-дек. — Ат-Башы ГЭСинин биринчи агрегаты пайдалануугa берилген.

1970, 11-дек. — Кыргыз ССРинин курамында Ысык-Көл ж-а Нарын областтарынын уюшулушу.

1971, 3—4-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 15-съезди.

1971, 23-март — Тарыхый ж-а маданий эстеликтерди коргоо коомунун съезди.

1971, 23—28-авг. — «Казакстан, Орто Азия республикаларынын агрардык өзгөрүүлөрүнүн тажрыйбасы жана аны бөштөндүккө ээ болгон мамлекеттер үчүн маанисин» деген эл аралык семинардын Фрунзеде өтүшү.

1971, 22—29-окт. — Кыргыз адабиятынын Украинадагы күндөрү.

1972, 3—5-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 18-съезди.

1972, 31-март — Токмок айнек заводунун ишке киргизилиши.

1972, 24-ноябрь — Ош обл. кыргыз драма театрынын ачылышы.

1972, 29-дек. — Кыргыз ССРи Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

1974, 25-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгы жөнүндө» токтому.

1974, 21—22-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 19-съезди.

1974, 21—23-май — Фрунзеде «Совет эли — элдердин жаңы тарыхый биримдиги» деген Бүткүл союздук илимий конф-я өткөн.

1974, 1—10-июнь — Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына арналган СССР элдеринин «Ала-Тоо жазы» иск-во фестивалы.

1974, 21-июнь — Кыргыз ССР китепкойлор коомунун уюшулушу.

1974, сент. — Фрунзе үй-куруу комбинатынын ишке киришти.

1974, 23-окт. — «Манас» аэропортун пайдалана баштоо жөө актыга Мамл. комиссия кол коёгон.

1974, 1-ноябрь — Кыргыз ССРи Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

1974, 2-ноябрь — Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниеси.

1975, 1-янв. — Токтогул ГЭСинин биринчи турбинасы ондурүштүк ток бере баштаган.

1975, 13—23-май — Кыргыз мамлекеттик Ленин орденду академиялык опера ж-а балет театрынын гастролунун Москвада өтүшү.

1975, 5-авг. — Кыргыз ССР ИА Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

1975, 15—22-сент. — Совет адабиятынын Кыргызстандагы күндөрү.

1975, 3—10-окт. — О. Азия ж-а Казакстан кууручак театрларынын Фрунзедеги 2-фестивалы.

1976, 16—18-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 16-съезди.

1976, 19—25-апр. — Фрунзедеги Бүткүл союздук 9-кинофестиваль.

1976, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1976, 15-июнь — СЭВ адистеринин мал чарбачылыгы б-ча Фрунзеде ачылган кенешмеси.

1976, окт. — Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 1-тому жарык көргөн (1980-ж. КСЭ чыгып бүткөн).

1977, 1—10-июнь — СССР элдеринин Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын 60 жылдыгына арналган иск-во майрамы.

1977, 7—9-июнь — Фрунзеде «Совет эли азыркы өнүккөн социализмдин жана коммунизмди куруу этабында» деген темада Бүткүл союздук илимий-теориялык конф-я өткөн.

1977, 28-дек. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Тарыхый жана маданий эстеликтерин коргоо жана пайдалануу жөнүндө» закону кабыл алынган.

1978, 11-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Фрунзе шаарынын жүз жылдыгы жөнүндө» токтому.

1978, 28-февр.—1-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 20-съезди.

1978, 18-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Совети Кыргыз ССРинин мамлекеттик гимнинин текстин ж-а музыкалык редакциясын бекиткен.

1978, 19—20-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз 8-сессиясында Кыргыз ССРинин Конституциясын (Негизги законун) кабыл алуу жөнүндө Декларация кабыл алынган.

1978, 11-май — Фрунзе шаары Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1978, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1978, 11—13-окт. — Фрунзеде «Улуттук жогорку окуу жайларда орус тилин окутуу жана соц маданияттын проблемалары» деген темада Бүткүл союздук илимий конф-я өткөн.

1979, 14—20-май — Фрунзеде «Кызыл Кресттин жана Кызыл Жарым Айдын медициналык-санитариялык алгачкы жардам көрсөтүүдөгү ролу» деген темада эл аралык семинар өткөн.

1979, 1-сент. — Фрунзеде Орус тили жана адабияты педагогика ин-ту ачылган.

1979, 21-сент. — Ошто айылдык комсомолдук кыз-келиндер ондуруштүк коллективдеринин респ-калык 1-слёту өткөн.

1979, 20-дек. — Кыргыз ССР ИАнын 25 жылдыгына арналган Кыргыз ССР илимдер академиясынын юбилейлик сессиясынын салтанаттуу заседаниеси.

1980, 16—17-апр. — В. И. Ленindин туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган «Ленindик эстетикалык мурастар жана Кыргызстанда искусство менен маданияттy өнүктүрүүнүн актуалдуу проблемалары» деген темадагы илимий конф-я өткөн.

1980, 23-июнь — «Бирдиктүү бир туугan үй-бүлөдө — коммунизмге карай» деген девиздин алдында союздаш респ-калардын күндөрүнүн Кыргызстанда ачылышы.

1980, 3-сент. — Кыргыз ССРинде Талас обл-ның уюшулушу.

1981, 20—22-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 17-съезди.

1981, 22-февр. — Күрп-Сай ГЭСинин 1-гидроагрегатының моюнтүнөн мурда пайдаланууга берилиши.

1981, 2—7-июнь — СССР ж-а ЧССР тарыхчылар комиссиясынын 12-заседаниеси.

1981, 2—16-сент. — СССР илимдер академиясынын Президиумуна караштуу Сейсмология ж-а сейсмикалык курулуштар б-ча ведомстволор аралык советинин Фрунзеде өткөн Бүткүл союздук сессиясы.

1981, 22—24-сент. — Фрунзеде «Совет элинин турмуш образындагы интернационалдык жана улуттук көрүнүш» проблемасы б-ча Бүткүл союздук илимий-теориялык конф-я өткөн.

1981, 14—16-окт. — «Аминокислоталар айыл чарба, таман-аш өнөр жайы, саламаттык сактоо жана илим изилдөөлөр үчүн» деген темада Фрунзеде өткөн Бүткүл союздук кенешме.

1982, 18—19-февр. — Кыргызстандын профессиялык союздарынын 14-съезди.

1982, 26—27-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 21-съезди.

1982, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1982, 28—30-июнь — 20—26-июнда Москвада өткөн кардиологдордун Бүткүл дүйнөлүк 9-конгрессинин рамкасындагы «Өпкөнүн артериялык гипертензиясы» аттуу эл аралык симпозиум.

1982, 19—23-июль — СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүндөгү Кыргыз ССРинин күндөрү.

1982, 18—23-сент. — Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн жаш жазуучуларынын 4-эл аралык жолугушуусу.

1982, 22—25-сент. — СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына арналган журналисттердин эл аралык конфрасы.

1982, 23-сент. — СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамлекеттик университети Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1982, 12—15-окт. — Геология жагынан кызматташтык б-ча СЭВдин туруктуу комиссиясынын 44-заседаниеси.

1982, 21—26-ноябрь — «Улуу Октябрь ж-а СССРдин түзүлүшү азыркы идеологиялык күрөштө» аттуу эл аралык симпозиум.

1983, 12-янв. — К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-ту «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

1983, 24-февр. — «Кыргызстан пионери» газетасы «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.

1983, 4-июнь. — Фрунзеде Ош базарынын ачылышы.

Д. С. Лосев. *В. Я. Галицкий*

НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

авг.— август
админ.— администрациялык
а. и.— анын ичинде
апр.— апрель
Ата Мек. согуш — Ата Мекендик согуш
атком — аткаруу комитети
атн.— аталгандагы
а. ч.— айыл чарбасы
б. а.— башкача айтканда
БАК — Борбордук Аткаруу Комитети
ББАК — Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети
б. з.— биздин заманда
б. з. ч.— биздин заманга чейин
борб.— борбордук
БКК — Борбордук контроль комиссиясы
б-ча — боюнча
д.— дарыясы, дарыялар
дек.— декабрь
демокр.— демократиялык
д. у. с. — дагы ушул сыяктуу
ж.— жыл
ж-а — жана
ж. б.— жана башка
ж-до — жонүндө
жерг.— жергиликтүү
з-д — завод
ИА — илимдер академиясы
ил. из.— илим изилдөө
ин-т — институт
иск-во — искусство
к.— кара, кылым
КМИИ — Кыргыз мамлекеттик искусство институту
КММИ — Кыргыз мамлекеттик медицина институту
КМПИ — Кыргыз мамлекеттик педагогика институту
КМУ — Кыргыз мамлекеттик университети
КМФИ — Кыргыз мамлекеттик физкультура институту
конф-я — конференция
корр. мүчө — корреспондент мүчө
мамл.— мамлекеттик
м-н — менен
мис.— мисалы
млн — миллион
млрд — миллиард
МТС — машина трактор станциясы
О. Азия — Орто Азия
обком — областтык комитет
обл.— область, областтык
облатком — областтык аткаруу комитети
окт.— октябрь
о. эле — ошондой эле
о. ж.— өнөр жай
п. а. к. — пайдалуу аракет коэффициенти
рев-я — революция
ревком — революциялык комитет
респ-ка — республика
р-н — район
с.-д.— социал-демократиялык
сент.— сентябрь
сов.— советтик
Сов. Союз. — Советтер Союзунун
соц.— социалисттик
Соц. Эмг. Баатыры — Социалисттик Эмгектин Баатыры
темп-ра — температура
түн.— түндүк
түш.— түштүк
фаш.— фашисттик
февр.— февраль
феод.— феодалдык
ф-ка — фабрика
ФПИ — Фрунзе политехника институту
ш. т. п.— шаар тибиндеги посёлка
ЭБЛ — электр берүү линиясы
ЭКК — электр кыймылдаткыч күчү
экон.— экономикалык

БАТТАМАЛАР

Түстүү

В. И. Ленindин портрети . . . . . 4—5
В. И. Ленindин эстелиги . . . . . 4—5
Кыргыз ССРинин мамлекеттик герби жана мамлекеттик желеги . . . . . 8—9
Кыргыз ССРи сыйланган ордендер . . . 16—17
Фрунзе шаарындагы Өкмөт аянтында эмгекчилердин Биринчи Май майрамдык демонстрациясы . . . . . 16—17
Кыргыз ССРинин Конституциясы . . . 32—33
«Революциянын каармандарына» монументи 32—33
Табияты (I—VIII) . . . . . 48—49
Табияты (IX) . . . . . 64—65
Өсүмдүктөр дүйнөсү . . . . . 64—65
Жаныбарлар дүйнөсү (I, II) . . . . . 80—81
Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталган жаныбарлар . . . . . 88—89
Улуттук кийимдер . . . . . 120—121
Боз үй . . . . . 120—121
Кыргызстандын аймагынан табылган археологиялык алтын буюмдар . . . . . 120—121
Архитектура эстеликтери . . . . . 120—121
СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө, Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн башкы павильону . . . . 200—201
М. В. Фрунзе атындагы айыл чарба машинасын куруу заводу чыгарган «Кыргызстан» чоп тамактагычтары . . . . . 200—201
Өнөр жайы . . . . . 200—201
Эл чарбасы . . . . . 200—201
Табияты (X—XIII) . . . . . 216—217
Физкультура жана спорт . . . . . 264—265
К. Маркс менен Ф. Энгельстин кыргызча чыккан эмгектери . . . . . 264—265
В. И. Ленindин кыргызча чыккан эмгектери 264—265
Басма сөз . . . . . 264—265
Республиканын белгилүү адамдары . . . 320—321
Г. Айтиев, Д. Кожахметов «Акындар» . . 336—337
Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясы . . . . . 336—337
Архитектура (I, II) . . . . . 368—369
«Манас» аэровокзалы . . . . . 384—385
Фрунзе шаарындагы автовокзал . . . . 384—385
Ысык-Көл областтык кыргыз драма театры . 384—385
Архитектура (III) . . . . . 392—393
Жаш Гвардия бульварындагы баатыр комсомолдоро эстелик . . . . . 392—393
Архитектура эстеликтери . . . . . 392—393
Н. М. Пржевальскийдин эстелиги, Н. М. Пржевальскийдин музейи . . . . . 392—393
С. А. Чуйков «Советтик Кыргызстандын кызы» . . . . . 400—401
Кыргыз шырдагы . . . . . 400—401
Туш кийиздер . . . . . 400—401
Колдонмо өнөр (I) . . . . . 400—401

1970, 9-дек. — Ат-Башы ГЭСинин биринчи агрегаты пайдалануюга берилген.

1970, 11-дек. — Кыргыз ССРинин курамында Ысык-Көл ж-а Нарын областтарынын уюшулушу.

1971, 3—4-март — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 15-съезди.

1971, 23-март — Тарыхый ж-а маданий эстеликтерди коргоо коомунун съезди.

1971, 23—28-авг. — «Казакстан, Орто Азия республикаларынын агрардык өзгөрүүлөрүнүн тажрыйбасы жана аны бөштөндүккө өз болгон мамлекеттер үчүн мааниси» деген эл аралык семинардын Фрунзеде өтүшү.

1971, 22—29-окт. — Кыргыз адабиятынын Украинадагы күндөрү.

1972, 3—5-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 18-съезди.

1972, 31-март — Токмок айнек заводунун ишке киргизилиши.

1972, 24-ноябрь — Ош обл. кыргыз драма театрынын ачылышы.

1972, 29-дек. — Кыргыз ССРи Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

1974, 25-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгы жөнүндө» токтому.

1974, 21—22-февр. — Кыргызстан ЛКЖСинин 19-съезди.

1974, 21—23-май — Фрунзеде «Совет эли — элдердин жаңы тарыхый биримдиги» деген Бүткүл союздук илимий конф-я өткөн.

1974, 1—10-июнь — Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына арналган СССР элдеринин «Ала-Тоо жазы» иск-во фестивалы.

1974, 21-июнь — Кыргыз ССР китепнойлор коомунун уюшулушу.

1974, сент. — Фрунзе үй-куруу комбинатынын ишке кириши.

1974, 23-окт. — «Манас» аэропортун пайдалана баштоо жөнө актыга Мамл. комиссия кол коёгон.

1974, 1-ноябрь — Кыргыз ССРи Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

1974, 2-ноябрь — Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниеси.

1975, 1-янв. — Токтогул ГЭСинин биринчи турбинасы ондурүштүн ток бере баштаган.

1975, 13—23-май — Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера ж-а балет театрынын гастролунун Москвада өтүшү.

1975, 5-авг. — Кыргыз ССР ИА Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

1975, 15—22-сент. — Совет адабиятынын Кыргызстандагы күндөрү.

1975, 3—10-окт. — О. Азия ж-а Казакстан кууручак театрларынын Фрунзедеги 2-фестивалы.

1976, 16—18-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 16-съезди.

1976, 19—25-апр. — Фрунзедеги Бүткүл союздук 9-кинофестиваль.

1976, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1976, 15-июнь — СЭВ адистеринин мал чарбачылыгы б-ча Фрунзеде ачылган кенешмеси.

1976, окт. — Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 1-тому жарык көргөн (1980-ж. КСЭ чыгып бүткөн).

1977, 1—10-июнь — СССР элдеринин Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын 60 жылдыгына арналган иск-во майрамы.

1977, 7—9-июнь — Фрунзеде «Совет эли азыркы өнүккөн социализмдин жана коммунизмди куруу этабында» деген темада Бүткүл союздук илимий-теориялык конф-я өткөн.

1977, 28-дек. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Тарыхый жана маданий эстеликтерин коргоо жана пайдалануу жөнүндө» закону кабыл алынган.

1978, 11-янв. — Кыргызстан Компартиясынын Борб. Комитетинин «Фрунзе шаарынын жүз жылдыгы жөнүндө» токтому.

1978, 28-февр.—1-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 20-съезди.

1978, 18-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Совети Кыргыз ССРинин мамлекеттик гимнинин текстин ж-а музыкалык редакциясын бекиткен.

1978, 19—20-апр. — Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз 8-сессиясында Кыргыз ССРинин Конституциясын (Негизги законун) кабыл алуу жөнүндө Декларация кабыл алынган.

1978, 11-май — Фрунзе шаары Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1978, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1978, 11—13-окт. — Фрунзеде «Улуттук жогорку окуу жайларда орус тилин окутуу жана сөз маданиятынын проблемалары» деген темада Бүткүл союздук илимий конф-я өткөн.

1979, 14—20-май — Фрунзеде «Кызыл Кресттин жана Кызыл Жарым Айдын медициналык-санитариялык алгачкы жардам көрсөтүүдөгү ролу» деген темада эл аралык семинар өткөн.

1979, 1-сент. — Фрунзеде Орус тили жана адабияты педагогика ин-ту ачылган.

1979, 21-сент. — Ошто айылдык комсомолдук кыз-келиндер ондуруштук коллективдеринин республикалык 1-слёту өткөн.

1979, 20-дек. — Кыргыз ССР ИАнын 25 жылдыгына арналган Кыргыз ССР илимдер академиясынын юбилейдик сессиясынын салтанаттуу заседаниеси.

1980, 16—17-апр. — В. И. Ленindин туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган «Ленindин эстетикалык мурастар жана Кыргызстанда искусство менен маданиятты өнүктүрүүнүн актуалдуу проблемалары» деген темадагы илимий конф-я өткөн.

1980, 23-июнь — «Бирдиктүү бир туган үй-бүлөдө — коммунизмге карай» деген девиздин алдында союздаш республикалардын күндөрүнүн Кыргызстанда ачылышы.

1980, 3-сент. — Кыргыз ССРинде Талас обл-ның уюшулушу.

1981, 20—22-янв. — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 17-съезди.

1981, 22-февр. — Күрп-Сай ГЭСинин 1-гидроагрегатынын моюнотүнөн мурда пайдалануюга берилиши.

1981, 2—7-июнь — СССР ж-а ЧССР тарыхчылар комиссиясынын 12-заседаниеси.

1981, 2—16-сент. — СССР илимдер академиясынын Президиумуна караштуу Сейсмология ж-а сейсмикалык курулуштар б-ча ведомстволор аралык советинин Фрунзеде өткөн Бүткүл союздук сессиясы.

1981, 22—24-сент. — Фрунзеде «Совет элинин турмуш образындагы интернационалдык жана улуттук көрүнүш» проблемасы б-ча Бүткүл союздук илимий-теориялык конф-я өткөн.

1981, 14—16-окт. — «Аминокислоталар айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы, саламаттык сактоо жана илим изилдөөлөр үчүн» деген темада Фрунзеде өткөн Бүткүл союздук кенешме.

1982, 18—19-февр. — Кыргызстандын профессиялык союздарынын 14-съезди.

1982, 26—27-март — Кыргызстан ЛКЖСинин 21-съезди.

1982, 1—10-июнь — СССР элдеринин иск-во майрамы — «Ала-Тоо жазы» фестивалы.

1982, 28—30-июнь — 20—26-июнда Москвада өткөн кардиологдордун Бүткүл дүйнөлүк 9-конгрессинин рамкасындагы «Өпкөнүн артериялык гипертензиясы» аттуу эл аралык симпозиум.

1982, 19—23-июль — СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктерини коргозмосундогу Кыргыз ССРинин күндөрү.

1982, 18—23-сент. — Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн жаш жазуучуларынын 4-эл аралык жолугушуусу.

1982, 22—25-сент. — СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына арналган журналисттердин эл аралык конфясы.

1982, 23-сент. — СССРдин 50 жылдыгы атн. Кыргыз мамлекеттик университети Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

1982, 12—15-окт. — Геология жагынан кызматташтык б-ча СЭВдин туруктуу комиссиясынын 44-заседаниеси.

1982, 21—26-ноябрь — «Улуу Октябрь ж-а СССРдин түзүлүшү азыркы идеологиялык күрөштө» аттуу эл аралык симпозиум.

1983, 12-янв. — К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-ту «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

1983, 24-февр. — «Кыргызстан пионери» газетасы «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.

1983, 4-июнь. — Фрунзеде Ош базарынын ачылышы.

Д. С. Лосев. *В. Я. Галицкий*

НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

авг.— август
админ.— административдик
а. и.— анын ичинде
апр.— апрель
Ата Мек. согуш — Ата Мекендик согуш
атком — аткаруу комитети
атн.— аталыштагы
а. ч.— айыл чарбасы
б. а.— башкача айтканда
БАК — Борбордук Аткаруу Комитети
ББАК — Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети
б. з.— биздин заманда
б. з. ч.— биздин заманга чейин
борб.— борбордук
БКК — Борбордук контроль комиссиясы
б-ча — боюнча
д.— дарыясы, дарылар
дек.— декабрь
демокр.— демократиялык
д. у. с. — дагы ушул сыяктуу
ж.— жыл
ж-а — жана
ж. б.— жана башка
ж-до — жөнүндө
жерг.— жергиликтүү
з-д — завод
ИА — илимдер академиясы
ил. из.— илим изилдөө
ин-т — институт
иск-во — искусство
к.— кара, кылым
КМИИ — Кыргыз мамлекеттик искусство институту
КММИ — Кыргыз мамлекеттик медицина институту
КМПИ — Кыргыз мамлекеттик педагогика институту
КМУ — Кыргыз мамлекеттик университети
КМФИ — Кыргыз мамлекеттик физкультура институту
конф-я — конференция
корр. мүчө — корреспондент мүчө
мамл.— мамлекеттик
м-н — менен
мис.— мисалы
млн — миллион
млрд — миллиард
МТС — машина трактор станциясы
О. Азия — Орто Азия
обком — областтык комитет
обл.— область, областтык
облатком — областтык аткаруу комитети
окт.— октябрь
о. эле — ошондой эле
о. ж.— онор жай
п. а. к. — пайдалуу аракет коэффициенти
рев-я — революция
ревком — революциялык комитет
респ-ка — республика
р-н — район
с.-д.— социал-демократиялык
сент.— сентябрь
сов.— советтик
Сов. Союз. — Советтер Союзунун
соц.— социалисттик
Соц. Эмг. Баатыры — Социалисттик Эмгектин Баатыры
темп-ра — температура
түн.— түндүк
түш.— түштүк
фаш.— фашисттик
февр.— февраль
феод.— феодалдык
ф-ка — фабрика
ФПИ — Фрунзе политехника институту
ш. т. и.— шаар тибиндеги посёлка
ЭБЛ — электр берүү линиясы
ЭКК — электр кыймылдаткыч күчү
экон.— экономикалык

БАТТАМАЛАР

Түстүү

В. И. Ленindин портрети . . . . . 4—5
В. И. Ленindин эстелиги . . . . . 4—5
Кыргыз ССРинин мамлекеттик герби жана мамлекеттик желеги . . . . . 8—9
Кыргыз ССРи сыйланган орденди . . . 16—17
Фрунзе шаарындагы Өктөмөт аянтында эмгекчилердин Биринчи Май майрамдык демонстрациясы . . . . . 16—17
Кыргыз ССРинин Конституциясы . . . 32—33
«Революциянын каармандарына» монументи 32—33
Табияты (I—VIII) . . . . . 48—49
Табияты (IX) . . . . . 64—65
Өсүмдүктөр дүйнөсү . . . . . 64—65
Жаныбарлар дүйнөсү (I, II) . . . . . 80—81
Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталган жаныбарлар . . . . . 88—89
Улуттук кийимдер . . . . . 120—121
Боз үй . . . . . 120—121
Кыргызстандын аймагынан табылган археологиялык алтын буюмдар . . . . . 120—121
Архитектура эстеликтери . . . . . 120—121
СССР Министрлер Советинин Председатели А. Н. Косыгин Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин коргозмосүндө, Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин коргозмосүнүн башкы павильону . . . . 200—201
М. В. Фрунзе атындагы айыл чарба машинасын куруу заводу чыгарган «Кыргызстан» чоп тандактагычтары . . . . . 200—201
Өнөр жайы . . . . . 200—201
Эл чарбасы . . . . . 200—201
Табияты (X—XIII) . . . . . 216—217
Физкультура жана спорт . . . . . 264—265
К. Маркс менен Ф. Энгельстин кыргызча чыккан эмгектери . . . . . 264—265
В. И. Ленindин кыргызча чыккан эмгектери 264—265
Басма сөз . . . . . 264—265
Республиканын белгилүү адамдары . . . 320—321
Г. Айтиев, Д. Кожахметов «Акындар» . . 336—337
Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясы . . . . . 336—337
Архитектура (I, II) . . . . . 368—369
«Манас» аэровокзалы . . . . . 384—385
Фрунзе шаарындагы автовокзал . . . . 384—385
Ысык-Көл областтык кыргыз драма театры . 384—385
Архитектура (III) . . . . . 392—393
Жаш Гвардия бульварындагы баатыр комсомолдоро эстелик . . . . . 392—393
Архитектура эстеликтери . . . . . 392—393
Н. М. Пржевальскийдин эстелиги, Н. М. Пржевальскийдин музейи . . . . . 392—393
С. А. Чуйков «Советтик Кыргызстандын кызы» . . . . . 400—401
Кыргыз шырдагы . . . . . 400—401
Туш кийиздер . . . . . 400—401
Колдонмо онор (I) . . . . . 400—401

Колдонмо өнөр (II) . . . . . 400—401
Шырдак. Ала кийиз . . . . . 400—401
«Кыял» элдик көркөм өнөрчүлөр бирикмесинде жасалган кыргыз белектери . . . 400—401
Колдонмо өнөр (III) . . . . . 400—401
Г. Айтиев «Молтур кол», Ж. Жумабаев «Ойгонуу», К. Керимбеков «Когултур Ысык-Кол», А. Осмонов «Нан дүкөнүндө» . . 416—417
Сүрөт өнөрү . . . . . 416—417
Скульптура . . . . . 416—417
Кыргыз мамлекеттик Ленин орденду академиялык опера жана балет театры, Кыргыз мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу орденду академиялык драма театры . . . . 416—417
Театр . . . . . 416—417
Театр жана филармония . . . . . 416—417
Театрлаштырылган майрамдык салтанат, Соңкөлдөгү малчылардын майрамы . . . 416—417

Жөнөкөй

Кыргыз ССРине Октябрь Революциясы орденин тапшыруу . . . . . 24—25
Кыргызстан Коммунисттик партиясы . . 24—25
Тарых (I) . . . . . 24—25
Басма сөз . . . . . 24—25
Табияты (I, II) . . . . . 96—97
Тарых (II, III) . . . . . 112—113
Кремлдин Съездер дворецинде өткөн КПССтин 26-съездинин заседание залы . . 176—177
КПСС БКнын Генеральный секретары Л. И. Брежневдин (1970) жана КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү жана секретары К. У. Черненконун Кыргызстанга келиши 176—177
Өнөр жайы (I, II) . . . . . 224—225
Мал чарбасы . . . . . 240—241
Дыйканчылык . . . . . 240—241
Саламаттык сактоо . . . . . 272—273
Физкультура жана спорт . . . . . 272—273
Мектепке чейинки балдар мекемелери жана мектеп . . . . . 272—273
Кесиптик-техникалык жана атайын орто билим берүү . . . . . 272—273
Жогорку окуу жайлары . . . . . 272—273
Маданий-агартуу мекемелери . . . . 272—273
Илим жана илимий мекемелер . . . . 272—273
СССРдин белгилүү илимпоздору Кыргызстанда . . . . . 320—321
Архитектура (I, II) . . . . . 408—409
Сүрөт өнөрү (I, II) . . . . . 408—409
Музыкалык жана бий коллективдери . . 432—433
Театр (I, II) . . . . . 432—433
Опера . . . . . 432—433
Балет . . . . . 432—433
Кино (I, II) . . . . . 432—433
Цирк . . . . . 432—433

КАРТАЛАР

Түстүү

Кыргыз ССРи, саясий-административдик болуштуу . . . . . 40—41
Физикалык карта . . . . . 40—41
Геологиялык карта . . . . . 56—57
Кен байлыктардын картасы . . . . . 56—57
Топурак картасы . . . . . 72—73
Өсүмдүктөр картасы . . . . . 72—73
Өнөр жайы . . . . . 88—89
Зоогеографиялык карта . . . . . 88—89
Жол катнаштары . . . . . 209—210
Туристтик карта . . . . . 209—210
Калктын жыштыгы . . . . . 248—249
Айыл чарбасы . . . . . 248—249

Жөнөкөй

Орографиялык схема (У. Атаканов, Ш. Качаганов) 40
Сейсмдик райондоштуруу (О. К. Чедия) . . . 50
Гидрогеологиялык райондоштуруу (П. Г. Григоренко) 53
Жер астындагы минералдуу суулар (П. Г. Григоренко) 54
Радиация балансы (Г. Х. Яр-Мухамедов) . . 59
Абанын температурасы (июль) (Г. Х. Яр-Мухамедов) 60
Абанын температурасы (январь) (Г. Х. Яр-Мухамедов) 61
Жаан-чачындын жылдык олчому 62
Жаан-чачындын жылдык жүрүшү 62
Физика-географиялык райондоштуруу (С. Өмүрзаков) 84
Археология (Д. В. Вяпник) 107
Кыргызстан жана коңшулаш аймактар (18-кылымдын 2-жарымынан 19-кылымдын 2-жарымына чейин) 120
Кыргызстан жана коңшулаш аймактар (19-кылымдын 2-жарымынан 20-кылымга чейин) . . . 122
Кыргызстандагы 20-кылымдын башындагы революциячыл кыймыл (А. А. Сапелкин, А. Б. Жаманкараев) 130
Кыргызстан (III — 1917 — IV — 1918 жж.) (Д. Нурматов) 133
Граждандык согуш (1918—1920-ж.) (Д. Нурматов) 140
Машина куруу жана металл иштетүү . . . 200
Курулуш материалдар өнөр жайы 203
Отун-энергетика өнөр жайы (А. И. Иманбеков) . 206
Жеңил өнөр жайы 209
Тамак-аш өнөр жайы 211
Кой чарбачылыгы (В. Д. Харитонов) 217
Уй, топоз, жылкы, чочко чарбасы (В. Д. Харитонов) 220
Дан чарбачылыгы 224
Техникалык өсүмдүктөр 227
Коруктар, заказниктер жана мамлекеттик ачкылык чарбалары (В. Д. Замошников) . . . 231
Ош области 445
Ысык-Көл области 451
Нарын области 457
Талас области 460
Республикага караган райондор 464

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

Б. Ө. ОРУЗБАЕВА — башкы редактор, филол. илимд. доктору, профессор, Кыргыз ССР ИАнын академиги.
К. РЫСАЛИЕВ — башкы редакторго орун басар, филол. илимд. кандидаты.
З. БЕЙШЕЕВ — жооптуу секретарь — башкы редакторго орун басар.
С. ЧЕКИРОВА — жооптуу секретардын өндүрүш боюнча орун басары.

«КЫРГЫЗ ССРи» АТТУУ АТАЙЫН ТОМДУ ОРУСЧАДАН КОТОРГОНДОР

К. Абдыкеримов, Д. Ахматова, К. Бегматова, Г. Жумакунова, М. Исабеков, М. Исаев, С. Калмаматов, Н. Каримов, Б. Кодоров, Д. Орозалиев, К. Саматов, Д. Стамов, А. Сыдыкбаев.

«КЫРГЫЗ ССРи» АТТУУ АТАЙЫН ТОМДУН КЫРГЫЗЧАСЫН ЧЫГАРУУГА КАТЫШКАН ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР ЖАНА БӨЛҮМДӨР

Биология, химия жана медицина. Б. БЕГАЛИЕВА — редакция башчысы.

География, геология жана геофизика. Ө. БАРАТАЛИЕВ — редакция башчысы, Ж. КЕНЧИЕВ — ст. ил. редактор, Р. КАРАЧАЛОВА, М. МУРАТАЛИЕВ, С. САТЫЛГАНОВА — ил. редакторлор.

Маданият жана искусство. А. КУРӨГӨНОВ — редакция башчысы, М. ОМОРОВА — ст. ил. редактор, А. АБИЛОВ — ил. редактор.

Тарых. Ж. АРЗЫГУЛОВ — редакция башчысы, Ж. САГЫНОВ — ст. ил. редактор, С. АСКАРОВ, Б. КОДОРОВ, Д. НАЗАРКУЛОВ — ил. редакторлор.

Тил, адабият жана фольклор. Р. БЕКЖАНОВА — редакция башчысы, К. САМАТОВ — ст. ил. редактор, У. АЛЫМБАЕВА, Г. ЖУМАКУНОВА — ил. редакторлор.

Физика, математика жана техника. Б. АБЫЛГАЗИЕВ — редакция башчысы, Н. БАЗАРБЕКОВ, Ы. КАДЫРОВ — ст. ил. редакторлор.

Философия жана укук. Д. СТАМОВ — редакция башчысы, филос. илимд. кандидаты, К. КАПАЕВ, А. ЧЕРИКЧИЕВА — ил. редакторлор.

Экономика жана эл чарбасы. А. СЫДЫКБАЕВ — редакция башчысы, Д. ИСМАИЛОВА — ст. ил. редактор, Ж. ТОЙЧУБЕКОВ — ил. редактор.

Илимий жана адабий контроль. М. КОШОЕВ — редакция башчысы, О. АМАНТУРОВА, К. БЕГМАТОВА, Б. БЕКЕШОВ, А. ДУНГАНОВ, А. ЖАКЫПБЕКОВ, М. ИСАЕВ, М. КАКЕЕВА (химия илимд. кандидаты) — ст. ил. редакторлор, И. ЖУМАБАЕВ, К. КОЖОБЕКОВА, С. ТӨЛӨГӨНОВА — ил. редакторлор.

Иллюстрация жана картография. Э. КАСЫМОВ — редакция башчысы, К. АКМАТАЛИЕВ — ст. ил. картограф, А. КАСЫМАЛИЕВ — редактор-художник, А. М. РЖЕВСКИЙ — фотограф.

Корректорлор. С. АЛИЕВ, К. МУКАШЕВА — бөлүм башчылары, С. КАЛМАМАТОВ, Т. ОРОКЧИЕВА — ст. корректорлор, Н. АБДРАХМАНОВА, М. БЕКТЕМИРОВА, Т. ЖОЛДОШЕВ, К. КУТКЕЛДИЕВА — корректорлор.

Өндүрүш бөлүмү. Т. Я. ШИЛОВА — бөлүм башчысы, Н. С. ПЛОТНИКОВА — ст. тех. редактор, Ж. ЖОЛДОШЕВА — тех. редактор.

Машбюро. Н. АТАБАЕВА — ст. машинистка, Г. ЖУМАЛИЕВА, Д. ОРМОНБЕКОВА — машинисткалар.

КСЭнин «КЫРГЫЗ ССРи» АТТУУ АТАЙЫН ТОМДУ ЧЫГАРУУГА КАТЫШКАН ИШКАНАЛАР

Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз полиграфкомбинаты. Директору Т. С. СУВАНБЕРДИЕВ, өндүрүш бөлүмүнүн начальниги В. С. АГРАНАТ, башкы технологу Ж. ШАЙЫКБЕКОВА, цех начальниктери: Р. И. ТАРАСЕНКО, Э. С. ИГЛИКОВ, А. Н. ЮРЧЕНКО, В. Н. КУРЬЯНОВА, линотипчи З. Х. ХАСАНБАЕВА, корректор А. РЫСАЛИЕВ, оператор-варионклишографтар: А. И. ГУРЬЕВ, Ш. САКЕЛОВ, вёрсткачы А. С. ЛОБАНЦЕВ, басуучулар: Ф. И. КОРЖЕНЕВСКАЯ, А. Ф. ХИЛЬЧЕНКО, мукабалоочулар: У. АЛКЕШЕВА, Л. ТРУБИЦИНА, Л. ЛЮСТАЕВА, Г. САРТОВА, З. КАЗАКОВА, Л. КАМЫШЕНЦЕВА.

СССРдин геодезия жана картография боюнча башкы башкармасынын картфабрикасы. Директору Г. П. РАЙЗМАН, башкы инженери Ю. Г. СМОЛИЧ, пландоо-өндүрүш бөлүмүнүн начальниги В. К. ТОЛМАЧЁВ, цех начальниктери Т. В. ПЯТОВА, В. В. БАРАНОВСКИЙ, Ю. Ф. СЕМЁНОВ, жооптуу редактор Л. А. ГУСЕВА, тех. редактор М. А. ПАК, тех. картограф Т. Т. РАЗУВАЕВА, корректорлор: Е. В. КРАМСКАЯ, Г. А. ЗОЛОТУХИНА, тех. чиймечи Е. А. ЗАБОТИНА, басуучу С. Н. РЕМИЗОВ.

Эмгек Кызыл Туу орденду № 2 Москва типографиясы. Директору Ю. А. КУЛЕШОВ, оюнку басма цехинин технологу Э. В. ТАРАСОВА.

КПССтин Татар обкомунун басмасы. Директору В. А. ГАВРИЛОВ, өндүрүш бөлүмүнүн начальниги Д. Т. ХАЙРУЛИНА, офсет цехинин начальниги В. Т. ОРЕХОВ, участканын мастери В. Д. ДАНИЛКОВИЧ, ретушёрлор: Л. А. ДМИТРИЕВА, С. И. ТЕРЕНТЬЕВ, А. А. ВАСИЛЬЕВ, оператор жана варионклишограф Ю. П. КОВШОВ, сынамыкчы (пробист) В. И. МИКАЛЁВА.

Бул томго айрым фото-сүрөт материалдары киргизилген мекемелер жана ишканалар. Кыргыз ССР мамл. кино-фото-фонодокументтер архиви, Кыргыз мамл. тарых музейи, Кыргыз мамл. көркөм сүрөт музейи, Кыргыз ТАГ, Кыргыз ССР ИА, Кыргыз ССР айыл чарба министерствосу, Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмеси, Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмеси, Кыргызстан топурак таануу ил. пз. институту, Кыргызстан жазуучулар союзу, Кыргыз мамл. Эмгек Кызыл Туу орденду академиялык драма театры, А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. Ленин орденду академиялык опера жана балет театры, Кыргыз ССР театр коому, «Кыргызфильм» киностудиясы, Фрунзе мамл. цирки, Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү ж. б.

Бул томго фото-сүрөт материалдары киргизилген фотографтар: А. У. АБДЫГУЛОВ, Э. Л. ВИЛЬЧИНСКИЙ, С. И. ЖИГАЙЛОВ, В. А. КИРИЕНКО, В. Д. ЛАЗАРЕВ, В. Р. ЛУКАС, Э. МАМАДАЛИЕВ, В. С. МИТРАКОВ, А. А. МАСКАЛЁВ, Р. Р. РАБАЕВ, А. М. РЖЕВСКИЙ, Ш. САРТОВ, Д. В. СВЕТЛЯКОВ, Б. М. ХЕРСОНСКИЙ ж. б.

Баттамаларды даярдаган художниктер: К. АКМАТАЛИЕВ, И. А. ЕФИМОВ, С. К. УСЕНОВ, Г. В. ПОЛОВНИКОВА, В. Х. САПОВ, А. А. ХОЛОДУЛЬКИН, Д. И. ЧОЧУНБАЕВА; текст ичиндеги иллюстрацияларды даярдаган художниктер: Э. Р. КАСЫМОВ, Ф. С. СЕЛЬСКАЯ, И. А. ЕФИМОВ, К. И. НАМАНАЕВ, В. Ф. РОЕК, А. А. ХОЛОДУЛЬКИН.

Түстүү жана жөнөкөй карталардын редакциялык түп нускасын даярдагандар: картографтар С. Е. ИМАНБЕТОВ, Т. БЕКБЕРГЕНОВ, Г. У. БЕКБЕРГЕНОВА, корректор Р. А. ИМАНБЕТОВА, чиймечилер Л. А. ЖАНБЕКОВА, К. Д. МАСЯГИНА.

МАЗМУНУ

СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН БООРДОШ РЕСПУБЛИКАЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ 9
ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ 29
Административдик-аймактык болуңшу . . . 29
КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ . 32
Республиканын Конституциясы 32
Мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдары 33
Кыргыз ССР Жогорку Совети 33
Кыргыз ССР Министрлер Совети 34
Мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жергиликтүү органдары 34
Закон чыгаруу 35
Сот адилеттиги 35
Прокуратура 36
Адвокатура 36
Нотариат 36
Кыргыз ССРинин граждандык абал актыларын катоо органдары (ЗАГС) 36
ТАБИЯТЫ 37
Кыргызстандагы географиялык изилдөөлөр . . 37
Рельефи 40
Геологиялык түзүлүшү 49
Кен байлыктары 55
Климаты 58
Мөңгүлөрү 64
Суулары 66
Топурагы 70
Өсүмдүктөрү 73
Жаныбарлары 77
Кыргызстандагы сейрек жана жок болуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрү . . 80
Ландшафттары 81
Физика-географиялык райондоштуруу . . . 84
Табиятты коргоо 95
КАЛКЫ 98
ТАРЫХЫ 104
Алгачкы общиналык түзүлүш жана таптык коомдун пайда болушу 104
Феодалдык түзүлүштүн пайда болушу жана өнүгүшү 109
Тянь-Шандагы этностук процесстер жана кыргыз элинин калыптанышы 112
Кыргызстан 16—18-кылымдарда 116
Кыргызстандын коңшу элдер жана Россия менен байланыштары (18-кылымдын 2-жарымы — 19-кылымдын 30-жылдары) 118
Кыргызстан Кокон хандыгынын бийлиги астында . 120
Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушу 121
Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулушу жана капиталисттик мамилелердин пайда болушу 124
Кыргызстан 1905—07-жылдардагы революция мезгилинде 127
Кыргызстан реакция жана революциячыл жаңы жогорулаш жылдарында (1907—14) 129
1916-жылдагы көтөрүлүш 131
Кыргызстан 1917-жылкы февраль революциясы учурунда 132
Кыргызстанда Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши 132
Граждандык согуш 139
Кыргызстан эл чарбасын калыбына келтирүү мезгилинде 142
Социалисттик индустриялаштыруу 144
Айыл чарбасын коллективдештирүү жана кочмондуктон отурукташууга өтүү 145
Маданий революция 147
Улут маселесинин чечилиши 150
Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941—45) 153
Советтик Кыргызстан онүккон социализм мезгилинде 157
КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ . 171
ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТТЕРИ 182
КЫРГЫЗСТАН ЛЕНИНДИК КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУ 186
Пионер уюму 190
ПРОФЕССИЯЛЫК СОЮЗДАР 192
ЭЛ ЧАРБАСЫ 195
Эл чарбасын башкаруу жана пландоо 196
Экономикалык райондоштуруу 197
Өнөр жайы 198
Машина куруу жана металл иштетүү . . . 200
Курулуш материалдар өнөр жайы 202
Тоо-кен өнөр жайы 204
Отун өнөр жайы 205
Электр энергетикасы 206
Жергиликтүү өнөр жайы 207
Жеңил өнөр жайы 208
Тамак-аш өнөр жайы 210
АЙЫЛ ЧАРБАСЫ 213
Мал чарбасы 216
Кой чарбасы 216
Эчки чарбасы 218
Уй чарбасы 218
Жылкы чарбасы 220
Чочко чарбасы 221
Куш чарбасы 221
Аары чарбасы 222
Балык чарбасы 222
Дыйканчылык 222
Жайыттар жана шалбаалар 222
Дан чарбасы 223
Эгилме тоют өсүмдүктөрү 224
Пахтачылык 225
Кызылча өстүрүү 226
Картошка чарбачылыгы 227
Тамекичилик 228
Жашылчачылык 228
Багбанчылык 229
Жүзүмчүлүк 229
Жибекчилик 230
Токой чарбасы 230
Айыл чарба өндүрүшүн механикалаштыруу жана электрлештирүү 231
Мелиорация жана суу чарбасы 233
Курулуш 235
Коммуналык чарба 237
Транспорт 238
Байланыш 240
Соода жана коомдук тамактануу 241
Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлоо . . 242
Финансы жана кредит 243
Эмгек жана эмгек ресурстары 243
Элдин материалдык жыргалчылыгы 245
САЛАМАТТЫК САКТОО 255
ФИЗКУЛЬТУРА ЖАНА СПОРТ 261
ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ 268

МАДАНИЙ-АГАРТУУ МЕКЕМЕЛЕР 275
Клубдар 275
Парктар 276
Музейлер 276
Китепканалар 277
Архивдер 277
БАСМА СӨЗ, РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ 279
Мезгилдүү басма сөз 279
Басма ишн 282
Радио уктуруу жана телекөрсөтүү 284
ИЛИМ ЖАНА ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕР 286
Кыргыз ССР илимдер академиясы 289
Тармактык илимий мекемелер 295
Коомдук илимдер 300
Тарых илимдери 300
Философия илимдери 304
Экономика илимдери 307
Экономикалык география 308
Укук илимдери 309
Педагогика илимдери 309
Тил илимдери 310
Фольклористика 311
Адабият таануу 312
Дүнүн таануу 314
Табият илимдери 314
Математика 314
Физика 316
Механика 318
Геодезия 321
Геология илимдери 322
Геофизика 326
Физикалык география илимдери 327
Химия илимдери 331
Микробиология 333
Адамдын жана жаныбарлардын физиологиясы 334
Өсүмдүктөрдүн физиологиясы 335
Гидробиология 336
Биохимия 336
Ботаника 337
Зоология 338
Генетика 339
Айыл чарба илимдери 339
Медицина илимдери 344
Техникалык илимдер 346
Тоо-кен иштери 346
Тоо-кен машина таануу 347
Башкаруунун автоматташтырылган системалары 348
Электр-техника 348
Машина куруунун технологиясы 349
Автомобиль транспорту 349
Курулуш илими 350
КЫРГЫЗ ТИЛИ 353
АДАБИЯТ 357
Фольклор 357
Элдик поэзиянын эпикалык жанрлары 358
«Манас» эпосу 361
Акындар поэзиясы 364
Совет адабияты 366
Кыргызстандын орус жазуучулары 379
Дүнүн адабияты 381
Корком котормо 382
Балдар адабияты 383
ДИНИЙ ИШЕНИМ, САЛТ ЖАНА ҮРП-АДАТТАР 385
Материалдык маданиятынын салттары 387
АРХИТЕКТУРА ЖАНА ИСКУССТВО 392
Архитектура, жасалга-колдонмо жана сүрөт өнөрү 392
Музыка 402
Театр 411
Кинематография 418
Эстрада 423
Цирк 424
КЫРГЫЗ ССРи ЭЛ АРАЛЫК АРЕНАДА 427
Чет өлкөлөр менен коомдук-саясий байланыштар 427
Чет өлкөлөр менен экономикалык байланыштар 428
Чет өлкөлөр менен илимий байланыштар . . . 431
Чет өлкөлөр менен маданий байланыштар . . . 434
БОРБОР, ОБЛАСТТАР ЖАНА РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР 439
Фрунзе — Кыргызстандын борбору 439
Ош области 444
Ысык-Көл области 450
Нарын области 456
Талас области 459
Республикага караштуу райондор 463
КООМДОР ЖАНА СОЮЗДАР 468
Илимий коомдор 468
Кыргыз ССРинин география коому 468
Бүткүл союздук минералогия коомунун Кыргызстандагы болүмү 468
Бүткүл союздук астрономия-геодезия коомунун Кыргызстандагы болүмү 468
Бүткүл союздук топурак таануучулар коомунун Кыргызстандагы филиалы 469
Табият таануу жана техника тарыхчыларынын советтик улуттук бириккесинин Кыргызстандагы болүмү 469
Медициналык илимий коомдор 469
Биологиялык илимий коомдор 469
Бүткүл союздук философия коомунун Кыргызстандагы болүмү 469
Бүткүл союздук психологдор коомунун Кыргызстандагы болүмү 470
Кыргыз Республикалык илимий-экономикалык коому 470
Илимий-техникалык коомдор (ИТК) . . . 470
Чыгармачыл союздар 470
Жазуучулар союзу 470
Журналисттер союзу 471
Композиторлор союзу 471
Сүрөтчүлөр союзу 471
Архитекторлор союзу 472
Кинематографисттер союзу 472
Кыргыз ССР театр коому 472
Коомдук уюмдар 472
Чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыш коому 472
Керек-жарак кооперациясы 473
Турак жай курулуш кооперациясы (ТКК) . . 474
«Билим» коому 474
Бүткүл союздук ойлоп чыгаруучулар жана рационализаторлор коомунун Кыргызстандагы уюму 474
Кызыл Крест коому 475
Армия, авиация ж-а флотко комок көрсөтүүнүн ыктыярдуу коомунун Кыргыз республикалык уюму (ДОСААФ) 475
Ыктыярдуу спорт коомдору 475
Тарыхый ж-а маданий эстеликтерди коргоо коому 476
Табиятты коргоо коому 476
Дүлөй-сокурлар коому 476
Сууга чөгүүдөн сактоо коому 476
Өрттөн сактоо ыктыярдуу коому 476
Аңчылар м-н балыкчылар коомдорунун союзу . 476
Бал челекчилер коому 476
Коёнчулар коому 477
Китеп достору коому 477
Автомотоциклибоздор коому 477
СЫЙЛЫКТАР ЖАНА АРДАК НААМДАР . . . 478
СССРдин сыйлыктары 478
Кыргыз ССРинин сыйлыктары 479
СССРдин ардак наамдары 478
Кыргыз ССРинин ардак наамдары 483
МААНИЛҮҮ ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН ХРОНОЛОГИЯСЫ 484

БАЙКАЛГАН КАТАЛАР

Бети	Тилкеси	Сабы		Басылганы	Туурасы
		үстүнөн	астынан		
33	1	—	11	Совети	Советин
51	2	—	16	кубулуштардын	курулуштардын
57	1	—	32	антомонит	антимонит
81	2	—	30	четиндиги	чекилдиги
159	2	—	25	өндүрүштүн	өндүрштүн,
166	1	34	—	1938 —	1965 —
184	2	6	—	элдин	элдин,
187	2	—	20	жолдонмо	жолдомо
188	2	—	18	жолдонмолор	жолдомолор
198	2	21	—	ринен	риңде
205	1	—	26	Майлы-май	Майлы-Сай
209	2	1	—	булгаары	булгаары,
214	1	1	—	КПССтин	КПСС БКның
220	2	—	15	туу;	туулугу;
260	2	—	15	50	501
273	2	1	4	чыккан.	чыккан. *А. Э. Измайлов*
277	2	2	—	55 миң	107 миң
277	2	3	—	107 миң	55 миң
281	1	—	63	Рыбачье ш.	Ысык-Кол, Рыбачье ш.
281	1	—	14	Рыбачье ш.	Ысык-Кол, Рыбачье ш.
339	2	—	4	ӨКИСинин,	ӨКИСинин
340	1	38	—	материалдарды	материалдар
354	2	—	13	аффикатасынан	аффрикатасынан
355	1	5	—	-ын,	-ың
358	1	29	—	эсеп,	эсеп
358	1	—	2	кан	кан,
358	1	—	2	кандардын	кандардын,
359	2	—	26	асык	азык
359	2	—	21	адамдын,	адамдын
382	2	32	—	«Адамдын»,	«Адамын»,
382	2	—	14	иштешин	иштеши
467	2	—	33	Ош шаары, Фр., 1874.	Ош шаары, Фр., 1974.
471	1	—	25	Парг Э. И.,	Прат Э. И.,
473	1	28	—	(1967-ж. 14-дек.)	(1967-ж. 14-дек.),
473	1	29	—	(1970-ж. 15-сент.)	(1970-ж. 15-сент.),

Киргизская Советская Социалистическая Республика. Энциклопедия (на киргизском языке)

К 97 Кыргыз Советтик Социалистик Республикасы: Энциклопедия /Башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. — Ф.: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1983. — 496 б., 49 барак өзүнчө ил., 6 барак өзүнчө карта.

03

ББК 92 я 2

ИБ № 10

Бул томго оюнку басма м-н басылган 32 бет (213 сүрөт) кадимки баттама, офсет басма м-н басылган 64 бет (204 сүрөт) түстүү, 6 бет (13 сүрөт) кадимки баттама, 20 бет түстүү карта берилди. Текст ичинде 451 сүрөт ж-а 31 карта бар. Түстүү карталар ГУГКтун № 7-фабрикасында, оюнку басма м-н басылган баттамалар Эмгек Кызыл Туу орденду № 2 Москва басмаканасында, офсет басма м-н басылган баттамалар КПСС Татар обкомунун КПСС басмасынан даярдалган диапозитивдерден Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргызполиграфкомбинатында басылды.

Терүүгө 1982-ж. 2-июлда берилди.
Басууга 1983-ж. 10-мартта кол коюлду.

Д—01761. Форматы 84×108¹/₁₆. Кагазы № 1 атайы басмаканалык, Ю. Японис атн. фабрикада чыгарылган. Текст кадимки-жаңы арип м-н терилип, чыгыңы басма м-н басылды. Көлөмү 31,0 накта басма табак текст +7,5 басма табак баттама; 52,08 шарттуу басма табак текст +12,60 шарттуу басма табак баттама. Бардыгы 64,68 шарттуу басма табак. Эсеп басма табагы 101,6158. Тиражы 25000. Заказ № 270. Баасы 8 сом 60 тыйын.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы.
720000. Фрунзе ш., Ленин проспектиси, 197-үй

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитетине карагтуу Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. ГСП. Фрунзе ш., Жигули көчөсү, 102-үй.

